КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# СЕМЕТЕЙ

**Баатырдык эпос**

*«Манас» эпосунун экинчи бөлүгү*

**2-китеп**

***САЯКБАЙ КАРАЛАЕВдин варианты боюнча***

Китепти жалпы редакциялаган филология илимдеринин доктору, академик ***Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ***

Түзгөн ***Айнек ЖАЙНАКОВА***

*Теодор Герцен*дин сүрөттөрү пайдаланылды.

***Басмага Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.***

«Турар»
Бишкек – 2013

www.bizdin.kg

УДК 821.51
ББК 82.3 (2Ки)
С 30

**Кеңештин мүчөлөрү:**

***Акматалиев А. А.*** – башкы редактор
***Жайнакова А. Ж.***
***Кыдырбаева Р. З.***
***Мукасов М. М.***
***Мураталиев Т.Т.***

С 30 **СЕМЕТЕЙ:** Баатырдык эпос. «Манас» эпосунун экинчи бөлүгү: 2-китеп/ С. Каралаевдин варианты б-ча; Түз. *А.Жайнакова*, сөздүктү түз. *Р. Сарыпбеков*; Сүрөттөрү *Т. Герцендики*.– Б.: Турар, 2013.– 1424 б.

ISBN 978-9967-15-232-0 (2 китеп)
ISBN 978-9967-15-239-7 (жалпы)

Экинчи китеп залкар манасчы Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча Семетейге таандык окуялар толук баяндалып, анын өлүмү менен аяктайт.

**УДК 821.51**
**С 4702300500–13** **ББК 82.3 (2Ки)**

ISBN 978-9967-15-232-0 (2 китеп)
ISBN 978-9967-15-239-7 (жалпы)

© Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2013.
© «Турар» басмасы, 2013.

www.bizdin.kg

## ЖЫЛКЫЧЫНЫН КЕНЖЕСИ БОЗБАЛАНЫН КӨРГӨН ТҮШҮ

Түндүгү алтын, боосу жез –
Карагулдун жолум үй.
Көк жолборстой толгонуп,
Жылкычынын кенжеси
Бозбала чочуп ойгонуп,
Алтын түркүк чатырга
Айтмак болду көргөнүн
Эр Карагул баатырга,
Бозбала туруп муну айтат,
Киши билбес шумду айтат,
Калп сүйлөбөй чынды айтат:
Бозбала кирип барганда,
Каталдын уулу Карагул
Кара саат мына бул.
Кутурган кулду карап тур!
Айлалуу да, эр да экен,
Атагы какан журтуна
Аты угулду дебесе,
Коңурбайдан эр экен.
Кардыгын катуу билгизет,
Табарсыгы ооруса,
Кыркылып кеткен чочкону
Көтөрүп алып ошондо,
Кырк эки жайсаң сийгизет.
Кысыр эмди тай союп,
Казы кертип жал коюп,
Мээнет кулдун өзүнө
Аш-тамагын жай коюп.
Көөкөрдөгү кара арак
Куйүп өлгөн бул кулдун
Суусунуна ичээри
Күпсөр* менен бир арак.
Ойрон болгон ал кулуң
Оору болгон эмедей
Жыргалын карап отурса,
Кан Коңурбай төрөдөй.
Кутургурду карап тур,
Арак ичип алкынып,
Кутургурду сураба,
Көк жорудай талпынып,
Аңгемени арттырып,
Алтымыштай жылкычы
Тегиз жомок айттырып.
Каардаган бирөөнү
Чылгый тери ийлетип,
Оңшондотуп кашына
Он эки калмак бийлетип.
Ойронуң чыккан Карагул,
Сөлөкөтүн карап тур!
Мээнет кулдун өзү ошол,
Карагулдун көзү ошол!
Карагулдун алдына
Барган экен Бозбала
Тизеси жерге бүгүлүп,
Келин болуп жүгүнүп,
Өңгөчүн тартып өкүрүп,
Каарданып бакырып,
Абыгыйлап чакырып.
«Түндө жатып түш көрдүм,
Абыгый, сага айтамын,
Түшүмдө сонун иш көрдүм!
Түндөгү түшүм опкон түш,

www.bizdin.kg



Жүрөгүм башы копкон түш!
Түндөгү түшүм соо кылбайт,
Түндөгү түштү карасам
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт.
Кара бетине айланган,
Манастын уулу Семетей
Кара саат келиптир,
Билеги жоон таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек.
Комокойлуу сыр найза
Уңгусун болот аштаптыр,
Койгулашкан мендеге
Коркуп колтук ачпаптыр.
Каарды катуу баштаптыр,
Баарыбызды тыртайтып,
Кармап кырып таштаптыр.
Кашайта көздү оюптур,
Кыргын кылып союптур,
Тоголонгон баш кылып,
Каргалар канга тоюптур.
Чоң баатыр баштап жылкычы
Чогултуп кармап алыптыр,
Чогуубуз менен кыйратып,
Кыргын кылып салыптыр,
Бу эмине болучу,
Бу түшүмдү жоручу!
Арыландай арбайып,
Алачыктан басыптыр,
Былк эткен жерди талкалап,
Айбалта менен жанчыптыр,
Бул эмине болучу,
Бу түшүмдү жоручу!
Бээжинди сел беттеди,
Таш сепилди талкалап,
Такыр бузуп кеткени.
Талынын баары сулады.
Ушу турган Бээжиндин
Тамынын баары урады,
Бул эмине болучу,
Бул түшүмдү жоручу!
Күн батыштан өрт келип,
Күчтүүнүн баарын өрттөдү,
Күйгөн өрткө чалдырып,
Өзүң күйүп кеткениң,
Бул эмине болучу,
Бул түшүмдү жоручу!
Манастын уулу Семетей –
Буруттардын балбаны
Жеткен жерди талкалап,
Бизге тийди жаңжалы!
Айбаты катуу, заары күч,
Кабылып союп, кылды түз.
Коркомун жылкы малыңдан,
Түңүлүп турам жанымдан.
Манас баштап сан киши
Каптап кетти былкылдап,
Бакай баштап миң киши
Тегеректеп кылкылдап.
Теги жандан түңүлдүм,
Ошолордун алдында
Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун чарт түйгөн,
Узун бойлуу, кең далы,
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жалаңкыч сындуу бир адам
Ары балбан, ары шер
Ааламды буй кылучу,
Кан ичер канкор ошол эр.
Ок жетпеген ат минген,
Ок өтпөгөн тон кийген,
Булчуңу бука белиндей,
Булкушканды жегидей,
Бет алып менде баргысыз,
Кагышкан аман калгысыз.
Өрттөй көзү жайнаган,
Кекенип эрдин чайнаган
Өзү ыстам дининде,
Манастын уулу Семетей
Ошо келип жатыптыр,

www.bizdin.kg



Бизге душман зилинде.
Манастын уулу Семетей
Кыраан келип калыптыр,
Кыргынды кызык салыптыр,
Абыгый сизди баш кылып,
Кылычтап башты алыптыр!
Бул эмине болучу,
Бул түшүмдү жоручу!
Таштууларды талкалап,
Кыргынды кызык салыптыр,
Кызык кылып токмоктоп,
Катылгандын баарысын
Жол үстүнө союптур,
Даңгыттарга жарыптыр!
Бул эмине болучу,
Бул түшүмдү жоручу!
Ачуусу келди барбактап,
Муну укканда Карагул
Каарданды дардактап.
Төбө чачы үрпөйүп,
Төбөңдөн тийген Карагул
Кежиге чачы сүксөйүп,
Каарданды балага,
Жолум үйгө каматып,
Жолун каткан Карагул
Түш көрдүң – деп касаптап,
Токмоктотуп сабатып,
Кол-аягын байлатып,
Өөдө-төмөн токмоктоп,
Шок-шоктотуп айдатып,
Тонунун баарын тыттырып,
Тогуз аяк сууну
Аркасынан жуткуруп,
Томук берип касаптап,
Түш көрдүң – деп баланы
Чогуу баары азаптап,
Кулактан кармап жулдуруп
Токмоктотуп баланы
Жылкычыга урдуруп.

Эстүүсүнгөн Бозбала
Жылкычынын кенжеси
Эсебин минтип таптырды,
Эңкейгенде көтүнө
Төрө камчы чаптырды.
«Түшүң түлкү богу – деп,
Өзүң менин богум – деп.
Атасы Манас канкорду
Алты алдаган мен мына!
Бурулушта не пайда,
Мен Абыгый турганда
Бурут келет деп кайда!
Манастын уулу жетимди,
Түшүмдө аны көрдүм – деп,
Түз болгонун карачы?
Оендун уулун көрдүм – деп,
Оңбогонун карачы!
Манастын уулун көрдүм – деп,
Кызыталак Бозбала
Болбогонун карачы!
Түшчүнү иттей сабады,
Эми түш көрөр адам калбады.
Эки көздүү, көзү ачык
Бакшы* бала турбайбы,
Манастын уулун көрдүм – деп,
Баары-жокту билдим – деп,
Жакшы бала турбайбы!
Кызыталак буруттун
Кытайга келер алы жок.
Кыргынды кызык салуучу
Кыраандардын баары жок!
Бел байлаган бели жок,
Темир кандын шаарына
Тентип кеткен ал жетим
Мында келер жөнү жок!
Түш көрдүм – деп Бозбала
Түйшүктү жаман көрдү эми.
Айгайы кулак тундуруп,
Ал күнү жатты Карагул.

www.bizdin.kg



## КОҢУРБАЙ АЛГАРАНЫ АЛЫП КЕЛИП, ЖЫЛКЫЧЫГА КОШКОНУ

Таң кашкайып сүргөнү,
Жерге жарык тийгени.
Алөөкөнүн Коңурбай
Атбороюн сыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырып,
Ат арытып, жер чалып,
Кайгуулду карап из чалып,
Алтындан тизгин булкунтуп,
Алгара атын жулкунтуп,
Чоң өтүгүн чойкойтуп,
Короздой мойнун койкойтуп,
Көк күбөнү жамынып,
Көрөр болсоң, Коңурбай
Көк жолборстой чамынып,
Алтын найлуу сыр канжа,
Алачыктай чоң Калча,
Алтымыш балбан, кырк калдай,
Аксакалы Коңурбай
Жылкычыны шаштырып,
Оркоктотуп Кара атын
Ойку-кайкы бастырып,
Көрөр болсоң ушундай.
Көгала сакал чочконун
Көөрдөн топчу муштумдай.
Белиндеги дүңгүрчөк*
Дүңгүрчөккө кол салып,
Дүңгүрчөктө тамеки
Беш чеңгелдеп салды эле,
Берениңдин канжасы
Беш эли бөксө калды эле.
Кытай оттук, боор таш
Кырып ийип, чок коюп,
Канжасына от коюп,
Коркурата сорду эле,
Кумары канып болду эле.
Коё берсе коркурап,
Канжасынын түтүнү
Кол ыштыктай буркурап.
Астындагы Алгара,
Алгаранын бар белем
Капталында канаты.
Бу капырдын Кара аты.
Алөөкөнүн Коңурбай
Кароол карап, жол кайгып,
Качан болсо адаты,
Куйругу саяң, жалы аз,
Куланды кууса куткарбас,
Куушкан жоого болгон маш,
Алгара оозун бурду эле.
Каарданып бакырып,
Карагулду чакырып,
Карагул жетти жүгүрүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Эр Коңурбай баатырга
Келин болуп жүгүнүп.
Бар экен иттин кан аты
Улугу келсе кашына
Ургаачыдай жүгүнгөн
Кытайлардан адаты.
Мына ошондо Коңурбай
Карагулга муну айтат,
Кааласа эчен шумду айтат:
«Атаңдын көрү, Карагул,
Улуу талаа, тар жолду
Учуна чейин мен чалдым,
Улуу атактуу Алтайдын
Ошого чейин мен бардым.
Алгараны жооруттум,
Көчүгүм кыйла ооруттум.
Какылдаган карга жок,
Куркулдаган кузгун жок,

www.bizdin.kg



Калдактап учкан жору жок,
Кабыланым Карагул,
Өзүмдөн башка зору жок,
Кара сууда кеме жок,
Кайран башым барында
Каш кайтарар эме жок.
Туура сууда кеме жок,
Туйгун башым барында
Тең келишер эме жок.
Кулжам жатат белимде,
Өрдөгүм жатат көлүмдө.
Түлкүм жатат, Карагул,
Коймого койгон жеримде.
Улуу Бээжин кызык шаар –
Учуна чейин кыдырдым,
Түгөл Бээжин түпкү шаар –
Түбүнө чейин кыдырдым.
Алгараны тындырбай,
Атагым бар чоң улук
Какандан келдим тоорулуп.
Мен ашпаган бел калбай,
Мен баспаган жер калбай,
Ашуу ашып, таш басып,
Арык болду Алгара,
Ашкере каны коюлуп,
Карып болду Алгара.
Кыйла жерди кыдырдым,
Боз адырмак тоо да жок,
Мени менен бет алышар жоо да жок.
Кармашар душман калган жок,
Алгараны агытам,
Нык семирсин арман жок.
Кышыңкысын жылкыны
Кыр-Кайың чыга кыштаткын.
Жылкычынын баарына
Ийнине суур ыштаткын.
Күздүн күнү болгондо
Күрпүлдөк бозун күздөткүн,
Жаздын күнү болгондо
Сары-Суу бойлой салгыла!
Кан Коңурбай чоң төрө,
Кабарыңда бар бекен
Менин кылган ишим оң төрө!
Кабагым бийик, заарым күч,
Кайран жаным барында
Катылганды кылам түз!
Жолоп менде кетеби,
Жолуккан өлбөй өтөбү?
Астымдагы Алгара,
Алгара тулпар малым бар
Мени менен алышкан аман калабы?
Кайран жаным турганда,
Каптап менде келеби,
Кармашып адам жеңеби?
Астыма ажалдуу менде келеби.
Мени эңкейтип менде алабы,
Эңишкен аман калабы?
Булгаарыдан тердигим,
Бул ааламга белгилүү
Коңурбай менин эрдигим!
Кечээ, кабарыңда бар бекен,
Калаймайнды салганда,
Канкор келип Бээжиндин
Кандыгын тартып алганда,
Искендер тийбес Бээжинге
Иши жетип калганда
Сан дүнүйө, кыздарды
Олжого тартып алганда,
Такты талак кылганда,
Далай эрди кыргaнда,
Жүрүшүнөн чаң чыгып,
Доошунан жан чыгып,
Каарданып кан Манас
Какандын журтун сорду эле,
Үйүң күйгөн ал канкор
Аягында өзүм колдуу болду эле.
Капыр менен бусурман
Качпай туруп урушуп,

www.bizdin.kg



Эр Кожожаш чоң мерген
Эрдикти эпсиз кылганда,
Алмамбет менен Чубагын
Байчоро менен Сыргагын
Баарын катар кырганда,
Аккула окко учканда,
Кечээ, Алмамбет шейит кечкенде,
Ээр токумун көтөрүп,
Кан ичме канкор калжайып,
Талаада жөө калганда,
Өлөөрдөгү шердиги,
Өлөрман бурут чиркиндин.
Ошондо кылган эрдиги.
Каарды катуу баштаган,
Кожожашты баш кылып,
Казыналык мергендин
Сегизин атып таштаган.
Кайрат кылып камынып,
Алты миң кытай, сан калдай
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Кайран өзүм баш болуп
Кармоого жеттик камынып.
Ошондо күпсөрдөн дары күбүлүп,
Күйүттүү жандан түңүлүп,
Болкулдай басып аянып,
Аккелтени таянып,
Турган экен ал канкор.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Көк тулпар сындуу ат минген,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көкжал Бакай курдашы,
Канкордун анык сырдашы
Калайманды баштаган,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча
Алты миң кытай, сан калдай
Баарысын кылычтап кырып
таштаган.
Кыйындыгын билгизген,
Кыраан Манас канкорду
Кыйын Бакай ошондо
Арбуурулга мингизген.
Өрттөй көзү бек жайнап,
Өрттөнүп кеткен буруттун
Кан ичмеси чын кармап,
Каарды катуу баштаган,
Таш сайынган кытайды
Таза кырып таштаган.
Ошо жолку согушта
Күрмө кийген күчтүү өлгөн,
Таш сайынган таза өлгөн.
Тайбуурулду минди эле,
Кайнап жаткан кытайды
Каканга чейин сүрдү эле.
Каарды катуу баштаган,
Бек бекиткен эшикти
Бешөөнү бирдей кыйратып,
Такыр бузуп таштаган.
Канкор кайра тартканда
Артынан жолун чалгамын,
Мен атайы аңдып калгамын.
Кароолго койгон Ажыбай,
Арыс уктап калганда
Бет алып өзүм жеткемин,
Кыр арканын сом сөөккө
Аябай муштап өткөмүн.
Менден айза жетти эле,
Өзү жаралуу болуп кетти эле.
Айтпай коюп жарасын,
Канкор кабылдап жүрүп өлдү дейт.
Өз тууганы кас чыгып,
Жетим калган баланын
Колунда малын бөлдү дейт.
Баягы канчык катын Каныкей
Көтөрүп алып жээктеп,
Көп дүйнөсүн чачты дейт.

www.bizdin.kg



Аркалап алып баласын
Каракан көздөй качты дейт.
Темир кандын шаарына
Тентип кирип кетти дейт.
Каракандын шаарына,
Качып кирип кетти дейт.
Ошо каралуу кетип Каныкей,
Качып кетип Семетей
Жетим жүрүп жетилип,
Жергеге өзү кошулуп,
Эрешен тартып*, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Таласка келип конду дейт,
Атасынан канча өөдө
Ашкере көкжал болду дейт.
Жылгындуу Кең-Кол, Таласка
Конуп калды деп уктум,
Каяшаяк бергенди
Канкордун уулу Семетей
Соруп алды деп уктум.
Атасынан эр чыгып,
Ааламды бузган шер чыгып,
Аты угулат жер өрттөп.
Уламадан уладым,
Билгендерден сурадым.
Катылгандын баарысын,
Өз билгенин ал жетим
Кылып салды деп уктум.
Кыйыгына тийгенди
Кыйып салды деп уктум.
Ошо жетим келет деп,
Кутургурдан кообум бар.
Белди бекем бууйт – деп,
Бээжинде жаткан биздерден
Манастын кунун кууйт – деп.
Аскер жыйнап, кол жыйып,
Арамдын уулу келет – дейт.
Бээжинге бейпай салат – дейт,
Өлүү-тирүү болобу,
Мени менен ал чиркин
Бир беттешип калат – дейт.
Кабарчыдан кеп угам,
Канкордун уулу ал чунак
Катылбай койбойт – деп угам.
Чарпыша турган берен – дейт,
Чамасы келсе Каканга
Чабыша турган эрен – дейт.
Атасы Манас көкжалдан
Артыгыраак – деп уктум.
Өз билгенин жерине
Кылып салды – деп уктум,
Өчөшүнө тийгенде
Өз атасы кан Жакыпты баш кылып
Кырып салды – деп уктум.
Кайыр айтар жан калбай,
Баатыр чыкты – деп уктум
Манастан артык каардуу
Капыр чыкты – деп уктум.
Карап калчу уул эмес,
Кармашпай койчу кул эмес.
Баатыр элең Карагул,
Быягына сак болгун!
Ошо биз чабышып жүргөндө
Бакай деген бар эле,
Ошо баарынан мыкты жан эле.
Айзакерден ыктуу эле,
Өзү жоонун айласын
Ашкере билген мыкты эле,
Кылычка шайдоот шер эле,
Мылтыкка мерген эр эле.
Жекене белге курчанган,
Жер көтөргүс Бээжинге
Жеке кирип кол салган.
Арыландай көзү жайнаган,
Өлүмдү кылча көрбөстөн
Манастын алтын туусун кармаган.
Эрди сайса ким сайды,
Эстесем Бакай эр сайды,

www.bizdin.kg



Аты калган Манаска.
Айла тапкыч акылман,
Арыслан Бакай эр эле,
Акыл менен айласы
Манастан арык эме эле,
Биз менен алыш кылганда
Ошо Бакай көгала сакал кези эле.
Ошо Бакай өлгөндүр,
Кыямат жүзүн көргөндүр,
Ошо Бакай өлбөсө,
Кыямат жүзүн көрбөсө
Семетейди ээрчитип,
Алып келчү эме эле.
Алып келер себеби:
Каканчынга калайман,
Салган Бакай эмеспи,
Чет-Бээжиндин кандыгын
Алган Бакай эмеспи,
Кан отурчу алтын так
Минген Бакай эмеспи.
Канча сапар Бээжинде
Жүргөн Бакай эмеспи,
Бээжиндин жолу беш бөлөк –
Беш колундай дапдаана,
Билген Бакай эмеспи,
Казат баштап Каканга,
Эчен сапар бул жайда
Жүргөн Бакай эмеспи.
Ошо Бакай жоголбойт,
Ошо Бакай жоголбой,
Бээжиндин иши оңолбойт.
Буруттун Бакай капыры,
Карагул сенден кем эмес.
Ошо Бакай кандын акылы!
Үзүлгөнүн улаган,
Кызыталак канкордун
Чачылганын жыйнаган.
Ошо Бакай жол баштап,
Көөнү келсе куу бурут,
Кайгуулга келип жүрбөсүн!
Сенин кыйды Кара атың бар,
Карылыгың болбосо,
Кыйын элең, каркыбар!
Тетиги Алтын-Кенден кароол чал,
Уйку тууган болчу эмес,
Уктап жаткан оңчу эмес,
Куукулжадан кабар ал
Эми бу жерге туруп нетейин,
Каран калган Алгара
Нык семирип калууга
Кара таандай жылкыга
Кошуп коюп кетейин.
Капыя калсаң жаманат,
Жылкың менен жылас бол,
Алгара сага аманат!
Бейкабар туруп нетейин,
Бээжинди көздөй кетейин.
Быйыл кырк кандын эли чогулуп,
Чагаан* ачып, той болуп,
Мурутум буурул чагында
Кызыкка кылча тойбоймун,
Алты тейтей, кырк шуркут
Алган зайыбым ошо эле,
Ошону менен ойноймун.
Эр Коңурбай мен элем,
Эрдигим элден бир бөлөк,
Бээжинге коргон чеп элем.
Алты тейтей, кырк шуркут
Аз күнү жатып койнуна
Кызык ойноор кези эле.
Эми акыл айтып нетейин,
Өзүң артык жан элең,
Мен каканды көздөй кетейин.
Бейлесем өзүм чоң улук,
Бээжинде жүрөм тоорулуп.
Кабарым артык чоң улук,
Каканда жүрөм тоорулуп.
Эки жакта көп жүрүп,

www.bizdin.kg



Элимди сактайм деп жүрүп,
Кайгуул чалып көп жүрүп,
Каканды сактайм деп жүрүп,
Түк кызыкка батпадым,
Ордого ойноп жатпадым,
Ойло муну, Карагул!
Кароолду катуу сала көр,
Кармаганды соо кылбай,
Кармап башын чала көр.
Бажыга жыйган сан кара,
Казыналык түмөн мал
Карагул, жакшы бага көр!
Атаңдын көрү, Карагул,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Тетиги кара арчада дүмпүйгөн
Кандай балаа болду экен?!
Ак кажыр учпас арчадан
Арбайган эме көрүнөт.
Жорулар учпас жонокто
Жолум үйдөй чоң караан
Бу эмине болучу?!
Коңурбай айта салганы,
Карагул карап калганы,
Олоңдогон кыйды кул
Оңурайып алганы.
Же жору экенин биле албай,
Же жоо экенин биле албай,
Жолу каткан Карагул,
Жобомок болду мына бул.
Чылгый балаа Карагул,
Чылгый ичи от жанып,
Чыдай албай мына бул
Оңураңдап, окшоктоп,
Отура албай шокшоктоп.
«Жан жүрбөгөн жалпак таш
Жабыктай эме көрүнөт.
Жаның чыккыр кайсы деп,
Жору конбос кара арча
Тоодой эме көрүнөт».
Ой ойлонуп Карагул,
Отура албай мына бул!
Көк жорудай олоктоп,
Көзүңө келген Карагул
Көп карады сороктоп.
Коңурбай менен Карагул
Көп карады мына бул,
Кабагын түйүп уңкуюп,
Көп карады шуңкуюп.
Кулдун шекшип калганын
Курган бала билди эми.
Казанбактай кара бөрк
Башынан жулуп алганы,
Кара боюн жашырып,
Камбылдыгын ашырып,
Башындагы тебетей
Ыргытып туруп калганы.
Тегеренип, айланып,
Тебетей жерге келди эми,
Кыйды кул көрүп билди эми,
«Арыктан жылкы өлгөн го,
Жырткычтан жору көргөн го.
Жылбай калган жылкы өлүп,
Жылкыны жору жеген го.
Кароолчубу – деп чоочусам,
Кара жору турбайбы.
Алгараны агытып,
Көк жорго минип камынып,
Көрөр болсоң ошондо
Көк жолборстой чамынып,
Булгаары тердик, бурма бел
Буруксуган эр Калча.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Келберсиген чоң Калча
Көп жылкынын четинен
Көк жорго оозун жайды эле,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Кутургурдун жоргосу

www.bizdin.kg



Көздөн кайым болду эле.
Бээжинге кеткен Коңурбай,
Муну мындай таштайлы,
Каталдын уулу Карагул,
Ошондон кабар баштайлы.
Кутурган кулдун өзү ошол,
Жылма айтпай бакырып,
Жылкычысын чакырып,
Буйрук кылды Карагул,
Адам билбес чоң бүлүк
Шумдук кылды Карагул.
Жылкычынын башчысы
Ал айгырчан Жаңыбай,
Каарданып бакырып,
Жаңыбайды чакырып:
«Атаңдын көрү, Жаңыбай,
Бөлөк чырды койгула,
Кыргын алган жылкыдан
Кармап алып кылчайбай,
Так сексенди сойгула.
Баары чылка май болсун,
Бүгүн чагаандын тоюн койгула!
Алтын жака кементай
Кийген кулдун бири экен,
Жылкычынын жылмайтып,
Билген кулдун бири экен.
Кайраттуу кул бакырып,
Жылкычыны чакырып.
Кандан буйрук келди – деп,
Жылкычынын баарысы
Ашып-шашып дүргүшүп,
Чалма арканын колго алып,
Арканына мүргүшүп,
Кысырды кармап алышып,
Кандан буйрук алдык – деп,
Кыркыратып чалышып.
Аш-тамагын жайнатып,
Алты-алтыдан от болуп,
Жан казанды кайнатып,
Кара арактан куюшуп,
Кажылдашып ырдашып,
Бир-бирине сунушуп,
Кымыз ичип кызышып,
Сөөк тери ысышып,
Арак ичип алкынып,
Кутургандай талпынып.
Кээ бир – кээ бир жылкычы
Эси кетип алактап,
Кээ бир – кээ бир жылкычы.
Аракка тоюп шалактап.
Жылкычынын мыктысы
Карагул экен сал моюн
Жылкычылар кыйкырып,
Кызык кылып салды оюн.
Кутурган экен жылкычы,
Сексен кысыр союптур,
Жылкычынын кенжеси
Түш көргөн Бозбаланы
Көп кордуктан байкушту,
От жактырып коюптур.
Арак ичип алкынып,
Жылкычынын баарысы
Дуугa кирип алыптыр,
Айыкпаган бир үлкөн*
Чуугa кирип алыптыр.
Карагул баштык карысы,
Кыргын тийген эмедей
Кыйкырык салды баарысы.
Куюп арак сундуруп,
Айгайы кулак тундуруп,
Аябай оюн салды эми,
Эчтеме менен иши жок,
Ойрон болгон капырлар
Ойноп жатып калды эми.
Көкжалдын уулу эр чунак,
Күн кылкылдап батты эле,
Элдин алды жатты эле.
Канкордун уулу эр чунак

www.bizdin.kg



Белди бекем курчанып,
Безеленип, сумсайып,
Арысландай көз жайнап,
Кан ичмеси бек кармап.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып бөлүнүп,
Канкорлук түрү көрүнүп.
Каарданып күч чыгып,
Кабылан тууган канкордун
Бетинен беш байпактык
жүн чыгып.
Кынсыз кылыч салынып
Кыямат кеткен Манастын
Арбагына жалынып.
Айбалтаны жайланып,
Кайра жаачу булуттай
Каар бетине айланып.
Өрттөй көзү кызарып,
Коржоюн моюну узарып.
Кыраан арслан баштанып,
Жолум үйдүн артына
Буурул оозун бурду эми,
Көкжал тууган эр чиркин
Жылкычынын баарысы
Аңгемеге киргенин
Эми карап турду эми.
Байкап канкор караса,
Арбып-дарбып күүлөнүп,
Алган экен жылкычы
Бир-бирине сүйлөнүп.
Кажылдашып турушуп,
Кайкалап арак сунушуп,
Оюн салып калганы.
Отту жаккан Бозбала
Семетейди карады.
Каарданып бакырып,
Канчаларын чакырып,
Өңгөчүн тартып алганы,
Карагулга бакырып,
Бозбала кабар салганы:
«Түшүмдө көргөн түгөнгүр,
Капырай Абыгый, өңүмдө
келип калыптыр!
Ааламдан укпас көз көрдүм,
Адамдан бөлөк көз көрдүм!
Казып койгон ор көрдүм,
Кайнатылуу шор көрдүм!
Эшикте турат шумдук жан,
Баш кесилип агат кан!
Кайраты катуу, заары күч,
Катылса кылат эми түз!
Казандай кара бөркү бар,
Жылкычы эмес жылмайтып,
Бээжинди кырар эрки бар.
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузаар шер экен.
Ойрондун уулу кан ичме
Келип калган кези экен.
Атагын угуп, чын билсең,
Семетейдин өзү экен.
Айта берсе тил албай,
Кокуй болгон экенсиң,
Кара көзүң кашайып,
Капилет калып талаада,
Сокур болгон экенсиң.
Киши көрбөс кордукту
Көрмөк болгон экенсиң,
Көкжалдын уулу чунактан
Абыгый, өлмөк болгон экенсиң!
Түш көрдүм десем талаксың,
Баарың иттей сабайсың.
Элчиң келди жооп бер,
Эми баарың коопбер.
Эшикке келди бир киши
Билеги жоон, таш жүрөк...

www.bizdin.kg



## СЕМЕТЕЙДИН КАРАГУЛДУ БАШ КЫЛЫП, КЫРК ЖЫЛКЫЧЫСЫ МЕНЕН ЖОЛУМ ҮЙДӨН БАСЫП КИРГЕНИ

Каарланып чамынып,
Каңкордун уулу Семетей
Жай-жаракка камынып,
Каарду катуу баштады,
Жылкычынын баарысын
Такыр кырып таштады.
Атасы Манас көкжалдан
Артында калган Зулпукор
Баякы кайран энең Каныкей
Мура кылып алсын деп,
Катылышкан душманга
Калайманды салсын – деп,
Берен катын Каныкей
Белекке берген Зулпукор
Кармай калып сабынан
Сууруп алып кабынан
Кылычты колго алганы,
Жолум үйдө жылкычы
Андай-мындай дегиче,
Ачып көзду жумгуча,
Кыргын кылып таштады.
Каалгадай кашка тиш,
Кара жолтой чунактын
Калайыктан башка тиш,
Кайраттанып тиштенсе,
Таруудайдан быркырап,
Кара көздөн өрт чыгып,
Жалындай күйүп шыркырап,
Канкордун уулу чунактын
Кайраты мыкты, заары күч,
Кабарында бар бекен,
Атасынан баласы
Катылганды кылат түз.
Арыслandай чамынып:
– Атам Манас, колдо – деп,
Арбагына жалынып.
Майлаган буудай көздөнүп,
Ач арыслandай көздөнүп,
Жылкычынын ар жагы
Чымырканып оолугуп,
Каталдын уулу Карагул –
Канкордун уулу берениң
Карагулга жолугуп.
Карагул жайын сураба,
Эпсиз чечен жадыгөй,
Карагул жайы момундай.
Эр Карагул баатырдын
Атын уккан чочуган,
Жетимиш түрдүү тил билет,
Бул ажайыптан окуган.
Тили чечен, сөзү бал,
Артык, чечен уулу ошол.
Жазы жаак, жалпак тил
Жаңылбас кулдун бири ошол.
Кан Коңурбай баатырдын
Капталга бүткөн канаты
Каталдын уулу Карагул
Качан болсо мендени
Алдай жүргөн адаты.
Мунун дагы эр экени билинген,
Бул Бээжиндеги кытайдын
Даңсасына чийилген.
Карагулду көргөндө,
Кан Семетей көкжалың
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып.
Жүз бузулуп бакырып,
«Манастап» ураан чакырып,
Семетей жайы мына бул.
Билеги жоон, таш жүрөк,

www.bizdin.kg



Атасы Манас көкжалдан
Арта туулган бадырек.
Каарланып күркүрөп,
Карагулдай баатырды
Чапа кармай алды эле,
Айта-буйта дегиче
Чалкасынан салды эле,
А дедирбей ал кулдун
Төшүнө мине калды эле.
Желип-желип койгондо
Ал Карагул баатырдын
Оозунан кетти кара кан,
Мурдунан кетти сары зил,
Кабырганын бөксөсү
Кат-катынан бөлүндү,
Канкордун уулу Семетей
Бул Карагул баатырды
Өлтүрөр түрү көрүндү.
Бакай айткан кеп эле,
«Баарысынан Карагул,
Дүмөктүү чочко деди эле.
Ал Карагул бул болсо,
Бул ата Манас көкжалды.
Алдай жүргөн кул болсо,
Кылычтап башын алайын,
Кызыкты таамай салайын
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарайын!» –
Деп, өшөнтүп Семетей,
Каарды катуу баштады.
Сакал менен мурутун
Манастын уулу эр чиркин
Такыр жулуп таштады.
Мурутун булкуп ыргытып,
Сакалын жулуп ыргытып,
Чала кылып таштады.
Молтоңдотуп ал кулду,
Бала кылып таштады.
Чымындай жаны чыркырап,
Устукан сөөгү баарысы
Жик-жигинен быркырап.
Ал Карагул баатырдын
Кезигерге кезикпей,
Кешиги каткан жери ошол.
Жолугарга жолукпай,
Жолу каткан кези ошол.
Ал Карагул баатырдын
Семетей басып турганда
Каны калды бир кашык,
Эти калды көк жашык.
Чымындай жаны чыркырап,
Семетейге жалынып,
Карагул айтып турат буркурап:
Кече кайран Манас барында
Каканды чаап алганда
Калайманды салганда,
Жүргөн кулдун бири экен,
Ашкере сырын абыдан,
Билген кулдун бири экен.
Өлбөс жагын камынып,
Жуукуй кулду карап тур,
Үстүндөгү Семетейге жалынып:
Эй, Семетей, кулунум,
Келериң эчак билгемин.
Канкордон калган белегим,
Өлбөй жүрсө Каканга
Келет ко деп жүргөмүн.
Бул тилегим теңир берген бейм,
Өчкөн отум тамган бейм,
Өлгөн жаным тирилип,
Кудурет берип салган бейм!
Курган Манас жалгызы
Жетимим келип калган бейм!
Айзага тагар желегим,
Айкөл Манастан калган белегим.
Тулпардан калган туягым,
Туйгун Манастан калган чунагым.
Чунагым сенин бардыгың

www.bizdin.kg



Уламадан уладым,
Билгендерден сурадым.
Амандыгың билгемин,
Аман жүрсө жетимим
Аңгемени Бээжинге
Салат ко деп жүргөмүн.
Абакеси шордууну
Ажыратып Какандан
Алат ко деп жүргөмүн!
Калың кыргыз баштыгы
Чоң атаң Каракан деген өлгөндө,
Кара кытай, сан манжуу
Кан талоосун кылганда,
Кайрат кылган ал журтту
Калтырбай чогуу кырганда,
Каракандын сегиз уул
Атасынан жаш калып,
Акыл билбей мас калып,
Манжуу каны Алөөкө
Бизге душман болот деп,
Сегизин жаман көргөндө,
Каракандын сегиз уул
Камчыга ченеп бөлгөндө*,
Кылтыңдаган балдарды
Кыйратып кырып салганда
Таш базарды талкалап,
Такыр бөлүп алганда.
Киши билбес каарга
Салган экен сегизин.
Кергүлүктү көрүптүр,
Ар кайсыга кул кылып,
Баарыбызды бөлүптүр.
Кулдук менен күн өтүп,
Каракандын сегиз уул
Тентип кеттик минетип.
Адал эле, ак эле.
Абакеңдин санаасы,
Менин атамдын аты Бай болот,
Түпкү жайын сурасаң,
Ошо Каракандын баласы.
Канкор Манас чыкты деп,
Атын уктум жутунуп,
Кан Манасты табалбай,
Качып чыктым тетиги
Туңша шаардан кутулуп.
Көкжал Манасты табалбай,
Келип калдым кулунум,
Коңурбайга тутулуп.
Кербенден ушак сөз угуп,
Ушу турган Бээжинге
Жакып кандын эр Манас
Келген экен деп угуп,
Каканга келип кайрылып
Кара кылып отурган
Жолдоштордон айрылып.
Музбурчак, Көкчө кан өлүп,
Бээжинге кез болгон жандын
баары өлүп.
Менин жой болот кылыч маталып,
Манаска жолукпай көзүм кашайып.
Көңүлдө нечен тагым бар,
Балам, сүйлөсөм сөзүм дагы бар.
Атакеңдин тууганы
Баатыр Жоодур мен болом.
Ар кимдерден кеп уктум,
Атаң Манас өлдү деп,
Темиркандын шаарына
Тентип барып чоңоюп,
Жетим кайра келди деп.
Менин арманым жок ылайым,
Жетимим келдиң чунайып,
Балам, башалуу кытай эл мына,
Башымды кессең мен мына!
Калаалуу кытай эл мына,
Жетимим, канымды төксөң мен мына!
Какшаган Жоодур абаңды
Чуңкурга салсаң ор мына,
Тие качсаң кулунум,

www.bizdin.kg



Бажыга жыйган сан кара
Тийсең жылкы жол мына.
Аны укканда Семетей
Атасы Манас көкжалдан
Калып калган Боз кисе
Моюнга чечип салынып,
Карагулга жалынып:
Ата, кагылайын Жоодур аба,
Быйыл белди бекем бууганы,
Калдайдын уулу Калчадан
Айкөл атамдын кунун кууганы
Камынып чыккан кезегим.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Кечип кетер чок таппай,
Кешиги жок шордуу жан
Кез келерге ок таппай,
Келип сизге кабылдым.
Бу жөнүндү айтпасаң,
Абам Жоодур угуп тур,
Кыят элем жаныңды.
Билбеген адам уу ичет,
Көрбөгөн сендей абама
Көөдөк иниң Семетей
Кетип калсын садага!
Жолум үйгө сыр албай
Оолугуп калган экемин,
Жолдошум Бакай абам жок,
Сизге жолугуп калган экемин.
Дегениңе көнөйүн,
Билбеген киши ушундай
Айыбыма, абаке,
Апакем Каныкейди алып берейин.
Коңурбайдын сан жылкы,
Кокуй, аба, чыныңы айт,
Кытайга салар бүлүктү айт,
Кыргынга минер күлүктү айт?
Атам Манас арбагын
Тууган болсоң сыйлап бер,
Чабышка минсе чарчабас,
Оорукка минсе оорубас,
Кагышка минсе камсынбас
Тулпарлардан сынап бер.
Каарды катуу баштайлы,
Колго тийсе жана да,
Коңурбайдын кырк жайсаң,
Калтырбай кырып таштайлы.
Калдайдын уулу капырдын,
Кан Коңурбай баатырдын
Эмине деген малы бар?
Эмине деген жаны бар?» –
Деп, ошентип Семетей
Мойнуна курун салганы,
Карагулдун үстүнөн
Кайра түшүп калганы.
Жадыгөй тилдүү жуукуй кул,
Семетейди алдады:
Ой, Семетей, кулунум,
А дүйнө кеткен Манастан
Алып калган туйгунум.
Оболтон бозала туйгун болпоңум,
Боз карчыга чолпонум.
Күңгөйдөн аккан булагым,
Күпүтүмдү жазар чунагым.
Коңурбай аттуу капырдын
Күлүгүн кантип аяйын.
Сан жылкыда бедел жок,
Бул жылкынын ичинде
Эмине бар, нелер жок.
Бул жылкынын ичинде
Айгыры бар, аты бар,
Алышка минсе камсыкбас
Ушундай мал каркыбар,
Бир атынын өз башы
Миң жылкылык баркы бар.
Каран калган көп жылкы
Кайсынысын айтайын,
Кээ бир атың карасаң,

www.bizdin.kg



Кара байыр казанат,
Кай бир атын карасаң,
Калбыр өпкө, жез билек,
Кээ бирөөсү карандын
Кулжа моюн төгөрөк.
Кээ бирөөсүн карасаң,
Кетмен туяк, кең соору,
Кээ бирөөсүн карасаң,
Керишке минер үкү аяк.
Бу карандын жылкысы
Чыйырчыктай сарала.
Баары тулпар күлүктүн,
Бирөө жаман экен деп,
Эгерде балам, санаба,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Калчанын
Шуру тогот, маржан таш,
Луң-туңдун каны арамдын
Азыр кармап беремин
Урушка минчү Кара атын,
Бу Коңурбайдын Кара ат,
Капталында бар эле
Ал капырдын канаты,
Кырк күнчүлүк чөл болсо,
Кыйбаты мүшкүл күн болсо,
Чыдай жүргөн адаты.
Караң калган чочконун
Куйругу саяң, жалы аз,
Куушкан жоого болгон маш.
Коңурбайдын ич этинен кийүүчү
Ок өтпөгөн тону бар,
Семетей сага кийгизем,
Бу капырдын Кара атын,
Бүгүн сага мингизем.
Сураса бербес Кара атка
Суук укурук салдырам,
Жалынса бербес чочкого
Жайдак минип алдырам,
Түпкү-Бээжин улуу шаар,
Абаң жолдон өлбөсө,
А дүйнө жүзүн көрбөсө,
Учуна чейин чалдырам.
Чын Семетей сен болсоң,
Кордукта Жоодур мен болсом,
Ушу чын Семетей баламбы,
Атакеңдин сырдашы,
Менин айкөл Манасымдын курдашы.
Балам, күн тийүүчү заманбы,
Аты Бакай, сенин шорлонгон
абаң аманбы?
Карган энең Каныкей,
Картайган энең Чыйырды
Энелериң аманбы?
Бүгүн өктө жан бекен,
Атакеңдин берени,
Алмамбет менен Чубактан
Туулган тукум бар бекен?
Айланайын кулунум,
Бүгүн көрдүң Бээжин калааны,
Муңдашым Манастан калган
жалгызым,
Бүгүн жолум үйгө түнөтүп,
Көргөзмөк болдуң конокту,
Айттырмак болдуң жомокту.
Эй, Семетей, кулунум,
Абаңды Капка-Ташка токтоттуң,
Качанымды жоктоттуң!
Семетейим келсе деп,
Ушундай эле тилегим.
Манас эске түшкөндө
Куйүп кетет жүрөгүм.
Аңырайган капчыгай,
Арманым айтам бир далай,
Алөөкөнүн Коңурбай
Алтымыш жайсаң иниси,
Кызыталак Каканда
Мындан артык кимиси,
Баарынан мыкты көйкашка,

www.bizdin.kg



Баатырлыгы бир башка.
Каканчылуу Бээжинге
Орнотуп койгон тамы ушул,
Ойрондун жайын сурасаң,
Кечилдин мыкты каны ушул.
Айзакерден ыктуу эле,
Ааламдын баарысын
Буй кылуучу мыкты эле.
Бу Бээжинге туулган,
Атакең Манас эр менен
Алтайга тынбай салышып,
Ошол ит салган чуулган.
Береги капкалуу Бээжин калың шаар,
Мында билгичтери миңче бар,
Эр Коңурбай баатырдын
Түгөнбөйт айтсам кеби бар,
Жолборсу он беш төлдөгөн,
Буга жолугуп адам келбеген.
Бээжинди айтсам бүлүк бар,
Атка оюнчу, жөө күлүк,
Мунун мендеси тартар түлүк бар.
Быйыл балам Семетей,
Абаңдын айткан кебин билип ал,
Арысланым, уулум, тилимди ал,
Быйыл ушу кыйшаңдабай
Бээжинге
Балам, кызыкты мыкты салалы,
Калча кулдун жылкысын
Калтырбай тийип баралы,
Семирип, сергип алалы.
Кечээ чыны Какан, Бээжинге
Алдырып кеткен аз журттун
Аты алсыз болгондур.
Ат күлүгүн камдайлы,
Тону тозуп калгандыр,
Тонун мыктап камдайлы,
Ушу кытай калың журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Чыйырды менен Каныкей
Каныкейге кеңешип,
Кулазык мыктап шайлайлы,
Акылдашып алалык,
Андан кийин Бээжинге
Аңгемени салалык.
Балам, бул оюн Бээжин жер эмес,
Ордолуу капка Бээжинге
Оюн кылчу жер эмес.
Кырк күнчүлүк чөлү бар,
Момундай бир кызыталак жери бар.
Балам, Бээжинди кимдер жердеген,
Бээжинге тийген адамдар
Кайрылып үйүн көрбөгөн.
Кырк күнчүлүк Бээжиндин
Кенен дайра жолу бар.
Кез болгондун шору бар.
Таамайынан алардын
Тартылуу жаткан тору бар.
Кызыталак Бээжинге
Кабылып калган адамдын
Айыкпай турган шору бар.
Кум, өрттөнүп жайнаган,
Кумга койсо казаны
Куркурап, оргуп кайнаган.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча
Кашык суусу калбаган.
Өлбөгөн чөлгө жетүүчү,
Ошол чөлгө жолуксаң,
Кулунум, ал-кубатың кетүүчү.
Капыяга калбайлы,
Күн кубаты өтпөскө
Тонду мыктап камдайлы.
Арышың жетсе көп журтту
Калтырбай баарын айдайлы.
Акылман Бакай жолго алып,
Аз болгондо алты түмөн кол алып,
Ошол калың кол жегенге
Кулазыкты мол алып,

www.bizdin.kg



Ай касаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Күн касаба туу болуп,
Көк жарылган чуу болуп,
Анан уруш кылалы.
Ат менен тондон айырып,
Кан Коңурбай баатырды
Минтип кызык кылалы.
Кечилдин каны Калчага
Кечпес дүмөк салалык,
Кечилдин каны Калчадан
Келтирип өчтү алалык.
Ат семирип ык болсун,
Кол жыйылып бук болсун.
Идерлүү жигит, күлүк ат
Байдасы тиер чак болсун.
Балам, тилимди алсаң ушул иш.
Олуя чалган жол болсун,
Аз гана эмес Бээжинге
Он эки түмөн кол болсун.
Кармаш кылсаң Бээжинге,
Аз гана эмес мол болсун.
Алп атагын алышкан,
Эрен келсин Бээжинге,
Ажалдан кылча тартпаган.
Өлүмдөн теги кайтпаган,
Берен келсин Бээжинге.
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочубай уруш кылуучу,
Берен келсин Бээжинге.
Кара мылтык карс этсе
Качпай туруп салышчу,
Берен келсин Бээжинге.
Өйүз-бүйүз турушсак,
Кыйкырып айза сунушсак,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушсак,
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери зыркырап,
Каза болуп окко учуп,
Кан төгүшсүн шыркырап.
Бээжинге келсең минтип кел
Бул Бээжиндин жерине
Кагышты кылсаң мындай кыл,
Кытайдын кан Коңурбай эрине.
Айтканым ушул билип ал,
Абаң Жоодур сүйлөдү,
Арстаным, уулум, тилимди ал
Муну укканда Семетей:
Атамдай көргөн абакем,
Бул айтканың акыл деп,
Албай койсом тилиңди
Алты атам болсун капыр деп
Атасынан бабасы
Көөдөктү Кудай урганы,
Кабылан Бакай абаң жок,
Карагулдун өзүнө
Көп алдатып турганы.
Каталдын уулу Карагул,
Кара балаа мына бул.
Тутанып өлгөн чочконун,
Туура кылган кылыгы,
Манастын уулу чунакка
Башкача салган бузугу.
Эселек тууган Семетей,
Дегенине көнөм деп,
Алдап турган немеге,
Энемди алып берем деп,
Мына ошондо Карагул
Кулду Кудай урду эми,
Алтын жаак айбалта
Алып белге таянып,
Манасты кошуп турду эми.
Чын тууганым ушул деп,
Төрөнү Кудай урду эми.
Ардай болгон Арбуурул
Жай түлөгүн алганда
Кызыл буурул жаныбар,

www.bizdin.kg



Кыштын күнү болгондо
Кара буурул болучу.
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою аң келсе,
Буйдалбастан чураган,
Буудандыгын билгенде
Букардын каны сураган.
Сураганга бербеген,
Бермек турмак Буурулду,
Бейдаарат киши минбеген.
Манастын уулу эр көөдөк,
Көрмөк болду түлүктү,
Агытмак болду жылкыга,
Ардай болгон күлүктү.
Мына ошондо Семетей,
Ушул абам Жоодур барында,
Эр Коңурбай калчанын
Ок өтпөс тонун киейин,
Калчанын канаты бар Кара атын
Кармап өзүм минейин,
Быйыл Буурулга жылкы баштатып,
Таласка айдап жүрөйүн.
Аба, Жоодур, кебиң чын,
Айтканыңдын баары чын.
Семирип-сергип алайын,
Бээжинге арнап кол жыйып,
Аз гана эмес, мол жыйып,
Эр Коңурбай баатырга
Кыргынды анан салайын.
Кыямат кеткен атамдын
Өчүн минтип алайын.
Белимди бекем бууюн,
Белсенип таштап сыйынып,
Атамдын кунун кууюн,
Дагдыр жетсе өлөйүн,
Кечилдин каны Коңурбай,
Кежилдешип көрөйүн!» –
Деп, ошентип Семетей,
Арбуурулга токулуу,
Алмамбет кылган Акканкы ээр,
Алдыңкы кашы ак алтын,
Арткы кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир,
Ашаганда машаган,
А дүйнө кеткен Алмакең,
Ал Семетей балага
Арнап туруп жазаган.
Булгаары тердик чоң токум,
Семетей Буурулдан алып таштады
Карагулга алдатып,
Көкжалың бул кылыкты баштады.
Окоро түйгөн ак нокто
Мойнуна түйүп таштады.
Агыткан соң Буурул ат,
Көп жылкыны баштады.
Буурулдун сыны ушундай:
Айгай укса шашпаган,
Ай караңгы күн болсо,
Көз көрбөгөн түн болсо,
Бир изинката баспаган.
Чуу укканда бөлүнгөн,
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан бөлүнгөн.
Качан болсо карандын
Тулпардык сыны көрүнгөн.
Ташка басып чу койсо,
Тайгаланбайт бийиктен.
Такыр жери кем эмес,
Тоодогу кулан, кийиктен.
Кең көөдөлүү, тайкы жал,
Келишимдүү Буурул ат,
Чаткаягы колоттой,
Маңдайында кашка тиш
Таптап койгон болоттой.
Алты ай минсе арыбайт,
Алтымыш азый болгончо
Азуу сайып карыбайт.
Балтыры бала белиндей,

www.bizdin.kg



Басыгы бийик желиндей.
Көп жылкыны карата
Баскан экен Буурул ат,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Жылкыны баштап бөлүнүп,
Туура тартса карандын
Тулпардык сыны көрүнүп.
Айтайын десе тили жок,
Айбандан эстүү жаныбар.
Окуранып, жер чапчып,
Буудандык сыны көрүнүп,
Көкүлдү көккө каккылап,
Тал жибектей куйругун,
Чаткаякка чапкылап,
Окуранып окшоктоп,
Кудай бардыр көөсөргө,
Ардай болгон Арбуурул
Кара жерди токмоктоп.
Манастын уулу төрөнү,
Таштап чыкты Буурул ат.
Бажыга жыйган сан кара,
Казыналык түмөн мал,
Аргамжы бою ак жардан
Аттап чыкты жаныбар,
Ал Буурулдун артынан
Камбар ата кара айгыр
Калбай чуркап калды эле,
Томогодой тору айгыр,
Сандыргалуу сары айгыр,
Дүңгүрөгөн калың мал
Түгөл аттап калды эле.
Чыбыраган кулун, тай
Суудан өлүп калды эле,
Шыңкылдаган бээ, байтал
Такыр оорсок калды эле.
Түп көтөрүп каранды,
Дүңгүрөгөн жылкыны
Семетей минтип алды эле.
Карагулду көрдүңбү,
Арамдык жакка камданып,
Семетей турат бу жерде
Кынсыз кылыч байланып.
Карагул турат сабылып,
Качуучу жагын камынып.
Семетейди көрдүңбү,
Коңурбай аты кайсы деп,
Карагулга жалынып:
«Эй, айланайын абаке,
Астымдан кетти көрдүңбү,
Арбуурул өңдүү бууданым,
Атаадан калган Жоодур чал -
Талаадан тапкан тууганым.
Капырыңдын Кара аты
Кайсы болот, минейин?
Аба, өчкөн отум тамызчы?
Өлгөн жанды тиргизчи,
Туугандыгың билейин,
Дүңгүрөтүп жылкыны,
Артына түшүп сүрөйүн,
Түп калтырбай баарысын,
Таласка айдап кирейин!»
Ал жылкынын артында
Кыйдыкара кара аты
Калган экен бөлүнүп,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Жылкылыгы келбети,
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Тулпар сыны көрүнөт.
Кулду Кудай урганы,
Семетейди миңгин деп,
Кыйдыкара кара атты
Кыйын мактап турганы:
«Айланайын, Семетей,
Тоодой болгон чоң Кара ат
Алгаранын өзү эле.
Каран калган чочконун
Быйыл жетимиш асый кези эле

www.bizdin.kg



Тизгини тутам калбаса,
Кырсыктын кыркы чалбаса,
Миңгенин жоого алдырбайт,
Бу Кара аттын жайы ушундай
Чөлдө туулуп, ташта өскөн,
Чөөлүкпөгөн союлгур,
Кайыптан бөлөк башка өскөн
Кунанында союлгур,
Кулан менен куушкан.
Кабарында бар бекен,
Карача кандын Кыз Сайкал
Кыз Сайкалдын миңгени
Кыйын тулпар Алгара,
Ошону менен туушкан.
Оозун коё бергенде.
Октоз берип чу койсо,
Окуз кылар жери бар.
Абаң айтып олтурса,
Түгөнбөй турган кеби бар.
Алгара жайы ушундай.
Бекер куйрук, жал эмес,
Эр Калчадан бөлөкчө
Менде миңген мал эмес.
Кысталышка киргенде
Оозун жайса каранды,
Булуттай учуп дыркырайт,
Туягына таш тийсе,
Кат-катынан быркырайт.
Каарданып чу десе,
Койдой эти бөлүнүп,
Коёндой жону түзөлөт.
Оолукканда Коңурбай
Беренжини* байланат,
Каканчылуу Бээжинди
Күлүгүнөн чоң Кара ат
Он эки күндө айланат.
Минсең Кара ат мал ошол,
Күлүгүнөн бу каран
Кыйын сайыш болгондо,
Кечээ атаң Манас көкжалдын
Сайышып турган коргондо,
Кысталышка киргенде,
Кырк күнчүлүк чөлүндө
Атаң кандын Айманбоз
Алты күнү суу ичпей
Кечээ, Айманбоз жүрбөй калганда.
Алты миң кытай, сан калдай,
Ак сакалы Коңурбай.
Айкырып айза салганда,
Тегиз кытай, көп манжуу
Теңиз атаң көкжалды
Тегеректеп калганда,
Айла кетип алаңдап,
Айманбоз оозун бурганда,
«Айла эмине болот» – деп,
Көкжалдын айласы кетип турганда,
Ошондо алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын Алмамбет
Ободо жылдыз болжошу,
Кан Манастын жолдошу.
Чалгын чалса жол бирге,
Чабышка кирсе кол бирге.
Ашы бирге жороолош,
Малы бирге короолош.
Асыл Алмаң эр көкжал
Казык моюн Сарала,
Кайкалатып урушуп,
Жекени белге курчанып,
Эр Коңурбай баатырга,
Калдайын каран кылбастан,
Жеке кирип кол салып.
Жебеден мурун жетти эле,
Ушул Алөөкөнүн Коңурбай
Алмамбеттен айза жеп,
Жаралуу болуп абыдан,
Жаман болгон жаңыдан,
Ээрден арты кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,

www.bizdin.kg



Оолжуп Калча турганда
Түп этектен эр Алмаң
Ала турган болду эле.
Курмандыкка далдайтып,
Чала турган болду эле.
Кысталышка келгенде
Кызыталак бул Кара ат
Кайыптай мойнун бураган,
Аркан бою жарлардан
Жаадай учуп чураган.
Ошол Кара ат бар үчүн,
Өчкөн оту тамылып,
Өлгөн жаны тирилген,
Коңурбай Калчанын аты ушул деп:
«Кагылайын кулунум,
Тандап минип алыңыз.
Карыган абаң Бакайга
Тартуу кылып салыңыз.
Бул эр Коңурбай көөдөктүн
Мындан башка малы жок,
Мындан башка жаны жок.
Атсыз калса дардайып,
Тик кирип согуш салыңыз,
Айтканым ушул, ал кулдун
Кийин башын алыңыз» –
Деп ошондо Карагул,
Алдамак болду мына бул.
Манастын уулу көөдөккө,
Коңурбай тону ушу деп,
Бадана тонду кийгизди
Коңурбай аты ушу деп,
Чоң Кыйды атты мингизди.
Каталдын уулу Карагул
Желмогузун билгизди.
Күрпүлдөктүн Сары-Суу,
Кара саат мына бу,
Тереңине ал суунун
Кырк аркан салса бойлобойт,
Кечишине ал суунун
Тулпар салса жойлобойт.
Чет жагына көз салса,
Тизеден чыккан шор эле.
Ортосуна көз салсаң,
Казылган калың ор эле.
Эрдиги бар, эси жок,
Эренден тууган чунагың
Суугa кирди чок эле.
Арт жагына караса,
Каталдын уулу Карагул,
Кара саат мына бул,
Күйпүйгөн жоор быштыны
Алып калган кези экен.
Көргөнүндө Семетей,
Каарланды сабылып,
Абакелеп жалынып:
«Айланайын абаке,
Калың казып орумду,
Калып калдың өйүздө
Кайнатып менин шорумду.
Каран калган көп малдан
Абаке, ат буюрбай калдыбы?
Каран калган көп мүлктөн
Тон буюрбай калдыбы?
Жоруктуу тулпар барында
Жоорго неге кор болдуң?
Басыктуу тулпар барында,
Байталга неге кор болдуң?
Каран калган көп жылкы
Жылма тийип алганда,
Оң жолуна салганда,
Атам Манас сырдашы,
Акыреттик курдашы,
Абаң кана дегенде,
Эмине деп барамын?
Сени таштап, жылкы айдап,
Аба, кай мураска жетемин?
Кайыбынан жолуккан,
Кагылайын абамды

www.bizdin.kg



Кантип таштап кетемин?» –
Деп, ошентип, Семетей
Тизгинин тартып ийгени,
Кылдыкара союлгур,
Күрпүлдөгөн Сары-Суу
Сары-Суунун ичине
Ала качып киргени.
Суу ичине барганда,
Өөдө турбай жыгылды.
Баатырсынган Семетей
Башы суута тыгылды.
Каарланып, кайгырып,
Суу ичинде Кара аттан
Калган экен айрылып.
Дөңгөчтөй агып сороктоп,
Көкжалдын башы короктоп,
Жулуп алса кайран баш,
Көрүнгөндө көрүндү,
Көрүнбөсө өлдүм деп,
Көкжалдын көөнү бөлүндү.
Ай караңгы түн болду,
Ажал жетер күн болду.
Аркы өйүздө жоор бышты,
Алгаранын өзү экен,
Кутургурдун Кара аты
Кубулуп турган кези экен.
Каталдын уулу Карагул,
Семетейди көргөндө
Алтын жака кементай
Кийип алган кези экен.
Куйругу саяң, жалы аз,
Кутургурдун Кара атын
Минип алган кези экен.
Карагул жайын карап тур,
Кара нээт мына бул.
Артык жайчы кул экен.
Киши билчү амалды
Арта билген уул экен.
Кырдан кызарып шамал сөгүлүп,
Асмандан кумсарып булут көрүнүп,
Коктудан туман жабылып,
Бөксөдөн мөндүр кабылып.
Мына ошондо Карагул
«Менден бөлөк жан жок» – деп
Өзүнө өзү жалынып.
Алдындагы Кара атка
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Кутурган кулдун бузугу,
Балага кылган кызыгы.
Шыта-Кечүү, Таш-Кечүү,
Ал Карагул камбылдын
Дал өзүнө маш кечүү.
Карагул камчы чапканда,
Чуркабай Кара ат турабы,
Баскан жерин уратып,
Таш-Кечүүдөн чуратып,
Чыккан экен Карагул.
Суудан чыгып алганда.
Каталдын уулу чунагың
Каканчыдан Бакбурчун
Өзүм чалган жол эле,
Атасы Манас көөдөктү
Алты алдаган кул эле.
Күрдөөлү башым барында
Күлүгүм кантип берейин,
Күчөгөн окшойт бул жетим,
Күрсүлдөшүп көрөйүн!
Баатыр башым барында
Малымды кантип берейин,
Кутурган экен бул жетим,
Кулжуңдашып көрөйүн!
Канкордун уулу чунактын
Кастарын тигип бул жерге
Келгендигин карачы,
Азыр менин колумдан
Айта-буйта дегиче
Өлгөндүгүн карачы!

www.bizdin.kg



Ободон жылдыз болжошу,
Кокус болуп жүрбөсүн,
Баягы ойрон Бакай жолдошу.
Түпкө чогуу жетпесин,
Түп көтөрө тулпарды
Түгөл тийип кетпесин.
Мен Карагул болгон соң,
Каарды катуу салайын,
Казатка минчү тулпарды.
Калтырбай бөлүп калайын,
Манастын уулу көөдөккө
Анан кебим салайын.
Кара суудa кеме жок,
Алдымда турса Алгара
Мага каш кайтарар неме жок.
Капкайда өчтү алайын,
Канкордун уулу капырды,
Тындым кылып салдым деп,
Каканчынын канына,
Кан Коңурбай алдына
Сүйүнчүлөп барайын,
Берип калса мен өзүм,
Чет-Бээжин канын алайын
Бүгүн туура кырда бөлүм жок,
Туйгун башым барында
Мен шордуугa өлүм жок!» –
Деп, өшөнтүп, Карагул,
Жонок менен бөлүнүп,
Жонокко чыгып барганда
Жолборстой түрү көрүнүп.
«Бу сөзүмө көнбөсө,
Чет-Бээжиндин кандыгын
Быйыл чочко бербесе,
Көп эле кылдым кызматты,
Бу жерге жүрүп нетейин,
Уруш баштап, чыр кылып,
Бурутка кирип кетейин.
Эрдигим жыйнап алайын,
Эрдигим менин ушул деп,
Кызыталак Калчанын
Көз алдына салайын.
Бере салса акмактар,
Эч болбосо тыргооттун
Канын сурап алайын.
Бул эрдигим барында,
Жылкы багып нетейин,
Калча менен кагышып,
Бу кызматым билбесе
Бет алган жерге кетейин!»
Айбаттанып Карагул,
Айкырык салып мына бул,
Кайраты мыкты, заары күч
Бу капырдан күдөр үз.
Тозоңун тоодой уратып,
Алгара менен чуратып,
Оркойгон тоонун урчукка,
Оңурайган тумшукка,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча
Жебеден мурун жетти эле,
Булуттай учуп Алгара
Астындагы жылкыга
Аралап кирип кетти эле.
Айгыр, аттын баарысы
Жылкыга качып шокшоктоп,
Тулпар аттын баарысын
Алган экен токмоктоп.
Өрөпкүп калган өз малын
Өрттөнгүр кайда барат – деп,
Каарланып кайгырып,
Озгон экен Карагул,
Дүңгүрөтүп түк койбой
Сай күлүктүн баарысын
Тозгон экен Карагул.
Бөлүнгөн бөксө жол менен
Жүргөн экен Карагул,
Жылкыдан бөлүп тулпарды
Сүргөн экен Карагул.

www.bizdin.kg



Айгыр ат бөлүп жылкыдан
Алган экен Карагул,
Аябаган эрдикти
Салган экен Карагул.
Ал жылкынын ичинде
Айгыры жок бээ калды,
Аттары жок тай калды,
Тулпарларын жайлады,
Кыр-Кайыңдын бетине,
Суук-Төрдүн четине
Аттарды бөлүп айдады.
Көрбөс жерге жеткирип,
Түгөнгөн тоонун урчукка,
Кыр-Кайыңдын оюна
Жеткирип салып Карагул,
Ошо жерге токтоду.
«Кырк жылкычым бар эле,
Кыйратып кирип кетти!» – деп,
Качанкысын жоктоду.
«Канкордун уулу Семетей,
Казбасам калың оруңду,
Кайнатпасам шоруңду.
Суу ичинде токмоктоп,
Султан Манастын уулу жетимге
Көргөзбөсөм сонуңду,
Кызыталак чунактын
Кылычтап башын алайын,
Суу ичинен сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарайын,
Башын кесип байланып,
Эр Коңурбай баатырга
Сүйүнчүлөп барайын
Мындай эрдик кылбасам,
Туулбай туна чөгөйүн.
Тирүү жүрбөй өлөйүн!»
Ушуну айтып күүлөнүп,
Каарланып түрлөнүп,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Өзөнгө салып дыр коюп,
Сууну бойлоп чу коюп,
Муну мындай таштайлы,
Суугa аккан Семетей
Көөдөктөн кабар баштайлы.
Бая суугa кирип чыкканда,
Чама чарчап, буу кетип,
А-деп койсо оозунан
Чанач-чанач суу кетип,
Дарман чарчап, ал кетип,
Астынан Арбуурул өңдүү мал кетип,
Карагулга алдатып,
Бул көөдөк калган экен мунетип.
Айланыч суунун дөмөрчө,
Дөмөрчөгө токтоду,
Эсин жыйып алганда,
Энесинче заңгырап,
Тайбуурулду жоктоду:
«Бу, кызыталак шум дүйнө,
Суу ичинде өлөмбү,
Армандуу болуп кызталак,
Тайбуурулду көрөмбү!?
Ээй, айланайын Тайбуурул,
Биттейимде биригип,
Бармактайда баш кошкон,
Кенедей күндө кезиккен,
Керишке миңген Бууданым,
Күлчоро менен Канчоро
Менин эки уялаш тууганым.
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Кокуй күн, Бакай тууганым!
Бул жерде кармап минерге,
Тайбуурул өңдүү буудан жок,
Каралашар Күлчоро, Бакай
тууган жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай белең дүйнө бок!

www.bizdin.kg



Качып кирер токой жок,
Каралашар кыргыз жок.
Алдатарга алдатпай,
Алым мындай катарбы,
Же, бел байлаган белим жок,
Медер кылып олтурган
Белгилүү чоро шерим жок.
Айыкпаган чоң дайра
Көргөнү келген экемин,
Кутурган кулга алдатып,
Өлгөнү келген экемин
Тирүү турбай дүйнөдө
Нетейин деген экемин,
Бул дүйнөдөн батыраак
Кетейин деген экемин!
Атам Манастан калган Аколпок
Кие турган күн барбы?
Ардай болгон Буурулдун
Үстүнө минер күн барбы?
Кутурган кулду Бээжинге
Сүрө турган күн барбы?
Аңгектен алыс аттаган,
Атам Манастан артык сактаган,
Кубайт бир, кубайт Тайбуурул» –
Деп өшөнтүп, Семетей,
Өлөр-өлбөс жан менен
Каңырыгы бек түтөп,
Капаланып ал кетти,
Карантүн түштү башына,
Кызыл буурул, тайкы жал,
Ардай болгон Арбуурул
Келген экен жанына,
Айтайын десе тили жок,
Айбандан эстүү жаныбар,
Семетей үнүн укканда
Жылкыдан Буурул чыгыптыр,
Жылкы ичинде ал буудан
Семетей үнүн угуптур.
Окуранып шокшоктоп,
Кара жерди токмоктоп,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Окуранып ич тартып,
Турган экен Тайбуурул.
Өрдөктөй мойнун койкойтуп,
Ийген экен Арбуурул,
Семетей суудa экенин,
Билген экен Буурул ат,
Семетейди көргөндө,
Кулунун көргөн немедей,
Агып жаткан дайрага
Алты-жети кишинеп,
Кирген экен Буурул ат.
Кулжуңдаган зор Буурул,
Эр Семетей баатырга
Эми жетип калыптыр,
Кучак болгон куйрукту
Тозо берип калыптыр.
Буурулдун келген тушу деп,
Өлбөс жерим ушу деп,
Жетимдин көзү жайнады,
Коржоңдогон кокуй күн,
Ардай болгон Буурулдун
Чоң куйругун кармады.
Куйруктан төрөң алган соң,
Айта-буйта дегенче,
Ачып көздү жумгуча
Буурулуң сүйрөп калганы,
Көөдөгүнөн өлбөстөн,
Суудан чыкты чоң төрө,
Айыкпаган бир үлкөн
Чуудан чыкты чоң төрө.
Эси кеткен эр неме,
Эселек тууган шер неме,
Атасы Манас көкжалдан
Артыда тууган эр неме.
Атасы Манас айкөлдөн
Алып калган Аколпок,

www.bizdin.kg



Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Келеме күрмө, кең бото,
Керишке кийсе ок өтпөс.
Ичине жибек иштеген,
Ойрон катын Каныкей,
Он эки жылы тиштеген.
Аркагын артык бекитип,
Арыптап октон сологон.
Атыша чыккан душмандар,
Айласын таппай кологон.
Аколпок жасап турганда,
Атасынын казына,
Арбыныраак корогон.
Мээнетинен Каныкей,
Белек берген Аколпок.
Жалгызым уулум киер деп,
Кажыбай жоого тиер деп.
Энекем эпсиз экен деп,
Кадырымды билер деп,
Энесинин Аколпок
Эсин жыйып, кие албай,
Коржойгон көөдөк эр неме
Арбуурулду мине албай,
Кээде көңүл кетип бөлүнүп,
Коржойгон кокуй көзүнө
Кызарып мунар көрүнүп,
Көзү кетип алактап,
Бүткөн бойдун баарысы
Жыйналбай жакшы шалактап,
Манастын уулу эр чиркин,
Эс алалбай турду эле.
Алгара менен оргутуп,
Кулду Кудай урду эле.
Семетейди көргөндө
Карагул кетти күүлөнүп,
Каарланып дүпүлдөп,
Семетейге сүйлөнүп:
«Өйүз-бүйүз Күрпүлдөк,
Өзүм чалган жол ушул,
Атаң Манас көөдөктү
Алты алдаган кол ушул.
Билсең көкжал Карагул
Көргөнү келген экенсиң,
Тирүү калбай Какандан
Өлгөнү келген экенсиң.
Атаң Манас көөдөктү
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Турган берен мен мына,
Киши көрбөс кордукту
Кылган берен мен мына!
Карагулдун каарын
Көргөнү келген экенсиң.
Канкордун уулу чоң көөдөк,
Сен өлгөнү келген экенсиң!» –
Деп, ошондо Карагул,
Кайраттанды мына бул,
Кара боолуу кырк кулач,
Кайыңдан кылган укурук
Кармап колго тукуруп,
Ичке учун кармап имерди,
Жоон учу менен баатырды
Чокуга тартып жиберди.
Кулдан башка бирди жеп,
Семетей турду кайгырып,
Кере сөөм куйкасы
Кеткен экен айрылып.
Мына ошондо Семетей
Кабарында бар бекен
Кан ичердин тукуму,
Өлөңдүү жерге өрт койгон,
Өрттөнгүрдүн тукуму.
Кара сууга кан куйган,
Кабылан Манас өз уулу.
Туландуу жерди тутанткан,
Бөрк ал десе баш кескен,
Кан төк десе жин төккөн,
Өксөгөндү кармаган,

www.bizdin.kg



Өчөшүнө тийгенде
Өз атасын жайлаган.
Мурдуна куйкум кан жетип,
Моюн менен жаактан
Канжыгадай кан кетип,
Түгөнгөн сайын тутөгөн
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өрттөнгүрдүн өз уулу.
Укурук* башка тийгенде
Каарданды бакырып,
А дүйнө кеткен Манастын
Атагын айтып чакырып,
«Кутурган кул, сениби,
Кубатым жетсе өлөйүн.
Каарданган Карагул,
Сени менен кулжуңдашып көрөйүн
Ардай болгон Тайбуурул
Тартып оозун бурайын
Бээжинди көздөй кубайын.
Эсебин эпсиз таптырып,
Башымды жара чаптырып,
Кантип тирүү турайын!»
Короздой болгон кайран шер,
Козголбой турган кайран эр,
Атасы Манас өлгөндө,
Таласты ээлеп конгону,
Жетим жүрүп жетилип,
Эр Семетей болгону.
Ардыгынан өлө элек,
Бул өңдөнгөн кордукту
Жер үстүнөн көрө элек.
Тегерегин карабай,
Тегеле жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кыйындын уулу чунагың,
Кылча жанын аябай.
Ок өтпөгөн Аколпок
Силкпей шашып кийди эми,
Ойноктогон Буурулду
Жайдак чурап минди эми.
Кара жаак ак камчы,
Кармай калып имерип,
Каң дегизип Буурулду
Капталга тартып жиберип,
Айзасы жок, камчычан,
Кабыландын тукуму
Карагулду куумак болду жыланач.
Өөдө-төмөн карабайт,
Өлөмүн деп санабайт,
Каарланып сабылат,
Кеп угуучу немедей
Буурул атка жалынат:
«Айланайын Арбуудан,
Башыңды жерге сала көр,
Башкача арыш ала көр,
Отура калып сийбеген,
Жеңи жерге тийбеген,
Каталдын уулу капырга
Бир жеткирип сала көр,
Мойнуңду жерге сала көр,
Айланайын Ар буудан,
Болжолсуз арыш ала көр,
Калдайдын уулу капырдын,
Кан Коңурбай баатырдын
Кайгуулга минген Кара аты
Бир жеткирип сала көр!
Аргымак багам, ат багам,
Айлансын Буурул ат, сендей буудандан
Азамат жыйдым, эр жыйдым,
Айлансын сендей тууган дан!
Эсебин эпсиз тапканда,
Башымды жара чапканда
Мандайда мойнун бурсачы,
Күлчоро карап турсачы,
Анан күрсүлдөгөн Карагул
Бул жорукту кылсачы.
Бузулган экен көргөн түш,

www.bizdin.kg



Кайгуулга келип баш жарган
Кабарда барбы ушул иш»,
Каарланып, түрдөнүп,
Кармаса тытып ийүүгө
Карагулга сүйлөнүп,
Баскан жерин уратып,
Жайдак минип Буурулду,
Айкөлүң чыкты чуратып.
Буурулдун жөнү ушундай.
Чабышка минер санаты,
Бу кызыталак Буурул ат
Семетейдин канаты,
Качырып калган жоосуна
Кууп жетер адаты.
Томуктай жерде тоо жок,
Токумчалык коо жок,
Буурусун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Бул ушундай жерге келгенде
Күчөй чуркар адаты.
Кырк күнчүлүк чөл болсо,
Кыйын мүшкүл жер болсо,
Чыдай турган адаты.
Эрдин түрүн көргөндө,
Адырмакка барганда,
Арыштады Буурул ат,
Аркардай колу сайылды,
Өр таяна бергенде
Жал-куйругу жайылды.
Коңурбайдын Алгара
Таманы жерге тарсылдап,
Семетейдин Буурул ат
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Энкейишке киргенде
Коңурбайдын Алгара
Узап чуркап закымдап.
Өр таяна бергенде
Семетейдин Буурулу
Камап барат такымдап.
Буурул ат шашып жүгүрүп,
Жүгүргөнүн көргөндө
Каталдын уулу Карагул.
«Ит эмине болгон? – деп,
Кайран жандан түңүлүп,
Будур-будур жер басып,
Будурмак адыр бел ашып,
Кыйын кууп алыптыр.
Кымбаттыгы ушундай,
Экөө кыз-күйөө болуп алыптыр.
Адыр-күдүр мунарык
Басып кетип баратат,
Кара жерди тулпарлар
Казып кетип баратат.
Алгара менен Карагул
Шашып кетип баратат.
Көз жетпеген мунарык
Жерде кетип баратат.
Мунарыктап учтанган
Чөлдө кетип баратат.
Адыр-күдүр кайкаңдын
Көз жетпеген тайпаңдын
Көчүгүндө баратат.
Тулпардын жайы ушундай
Күлүгүнө салыптыр,
Эрди алдаган Карагул
Эпсиз шашып калыптыр.
Алгара менен Тайбуурул
Туяк туура тийген жер
Кол арыктай союлуп,
Таамай тийген издери
Кемеге болуп оюлуп.
Тулпардын жайы ушундай
Араандай ооздор ачылып,
Каран калган жыластын
Кан аралаш ак көбүк
Омуроодо чачылып,
Бээжинден берки Дыңшага

www.bizdin.kg



Барган экен жөлөнүп,
Чалмаланып көкүлү,
Чарадай болгон кайран баш
Кызыл чаңга бөлөнүп,
Башын жерге салышып,
Башкача чуркап алышып,
Мойнун жерге салышып,
Болжолсуз арыш алышып,
Алгара менен Ар Буурул
Желгенине жел жетпей,
Басканына мал жетпей,
Кээ бир жерге келгенде
Жөө туман түшүп закымдап,
Күлүктүн жайы ушундай,
Каңкоруңдун Буурулу
Алгарага жакындап.
Карагул жайын карап тур,
Каран калган мына бул,
Сүйлөп турса сөзү ачык,
Атка сынчы көзү ачык,
Астындагы Буурулдун
Күлүктүгүн көргөндө,
Каканчынын Бээжиндин
Кабарчысы угар деп,
Ит болбосо, чалгынчы
Астымдан каршы чыгар деп.
Сайышты катуу салар деп,
Канкордун уулу чунактан
Ажыратып калар деп,
Каарланып бакырып,
Какандап урааан чакырып,
Ээр белдей белести
Ашып кетип баратат,
Эсил жан тийсе колуна
Эмине шумдук болот деп,
Ошол кезде Карагул
Шашып кетип баратат,
Жылкычы башы Карагул
Жылма калгыр мына бул.
Буурулдун түрүн көргөндө,
Бузулган бурут жетет – деп,
Башты кесип кетет – деп,
Качып кетип баратат
Жетемби деп Буурул ат
Шашып кетип баратат.
Аркардай арыш узартып,
Арыслāндай көздү кызартып,
Жер түгөнүп закымдап,
Жээрендей чуркап жаныбар,
Карагулга жакындап,
Келип калды такымдап.
Ошол кезде Карагул
Карагул жайы мына бул.
Каканчылуу калаага
Жетүүгө көзү төрт болуп,
Бер жагында талаада
Көңүл жаман бөлүнүп,
Калдаңдады Карагул
Өлүүчүдөй көрүнүп,
Алгара кашаң жүгүрүп,
Карагул жаман күйүнүп,
Көзү кетти алактап,
Буту кетти салактап,
Астындагы Алгара
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Ит эмине болгон деп,
Жандан чочуп, күүлөнүп,
Жаман шашты Карагул,
Алгарага сүйлөнүп:
«Өрттөнгөн кандын Алгара,
Өзүң кандын аты элең,
Карып калган табың жок,
Чымындай жанга күч келди,
Чуркабай турган чагың жок.
Ишенип минген Алгара,
Ай караңгы түн салдың,
Карагулдун башына

www.bizdin.kg



Ажал жетер күн салдың.
Канкордун уулу чунактан,
Кастарын тиккен арамдан
Тирүүлөй кордук көрөм бейм.
Колуна тийип кокустан,
Ажал жетип, күн бүтпөй
Ай талаада өлөм бейм,
Мындай жапа, каран иш
Алгара тарпаң чуркайт деп,
Уйкуда барбы ушул иш.
Менде кызыл-тазыл, жашыл тон
Кыргагын тартсам бөлүнбөйт.
Кызык бир жол алдадым,
Колуна тийсем, бул бурут
Кылчая турган көрүнбөйт.
Кокус кармап алат бейм,
Жоболоңдуу бул бурут
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарат бейм.
Мына ушинтип Карагул,
Кайгыланып мына бул.
Карагулду жайдак кууп,
Семетей кайдан аянды.
Атасы Манас көкжалдан
Арта тууган эр неме,
Айдай болгон чоң талаа,
Чоң талааны таянды.
Ал талаа жайын сурасаң,
Мунарык түшүп бурчтанат,
Булуңгур болуп учтанат.
Караса көзгө илинбейт,
Кызыталак дүнүйө
Кайда экени билинбейт.
Көрсө көңүл бөлүнөт.
Томурайып аркайып,
Тоонун башы көрүнбөйт.
Алдатып койгон Семетей
Каталдын уулу капырды,
Жайдак кууп эринбей,
Көз жетпеген зор талаа,
Аз гана эмес, мол талаа.
Ал талаанын бетинде
Томуктай болгон тоо болбойт,
Тоңкойгон чуңкур коо болбойт.
Жансыз чыдап турбаган
Алты айга минсе арыбас,
Күлүк тулпар болбосо,
Мындан бөлөк жаныбар,
Бирөө чыдап барбаган,
Жолуккан тирүү калбаган
Көз жетпеген Кызыл-Кум,
Өрттөнгөн талаа мына бу
Кууш жүрсө кулагы
Кулан басса туягы,
Күйүп кеткен чөл экен,
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этип татар суусу жок.
Казгалдак учса карыккан,
Кара жору учканда
Канаттары шалдайып,
Ортосунда талыккан.
Кыйла мүшкүл чөл экен,
Бээжиндеги көп кытай,
Ошо күндөн бу күнгө,
Дыңша-Талаа дээр экен.
Ошол чөлгө барганда,
Каталдын уулу Карагул
Алгарага камчы уруп,
Шашып кетип баратат
Семетейдин Буурул ат,
Ирмегенин күчөтүп,
Ашып кетип баратат.
Коңурбайдын Алгара
Эңкейиш жерге келгенде,
Узай чуркап закымдап,
Семетейдин Буурул ат
Өр таяна бергенде,
Жетмей болду такымдап.

www.bizdin.kg



Ал талаадан өткөн соң,
Аңгеме-чуусу бек кызык.
Андан ары жеткен соң
Чок-Табылгы жер деген
Кичи-Бээжин Дыңшасы,
Жаткан колдун мынчасы
Калдайдын уулу капырга,
Жакындашып калды эле
Кан Коңурбай баатырга.
Көрүүгө* салган там экен,
Кечилдин мыкты каны экен,
Өгүзү калып, өзү өлгөн
Өлүп калса, Коңурбай,
Өлгөндүн малын тең бөлгөн.
Серкесин сетер* көтөргөн,
Миңгени ыйык ат болгон,
Ырымы экен кечилдин,
Ыштан кийбей бардыгы
Ургаачы менен жат болгон.
Бозорго мунар сеңирге,
Кабарында бар бекен,
Кан Коңурбай сепилге,
Коңурбай жайы ушундай,
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.
Болот эшик дарбаза,
Дарбазанын бер жагы
Ажайыбы мынчалык,
Жолборсу он беш төлдөгөн,
Жолу катуу Калчага
Жолоп адам келбеген.
Ажыдаары алтымыш,
Анын ар жак жагында,
Кылыч тумшук били бар,
Мында тайбаздан баккан үчү бар,
Бир тайбаздын өзүндө
Токсон жолборс күчү бар,
Кан Коңурбай берендин,
Мына ушундай баркы бар.
Кечээ Бээжинди Манас алганда,
Белсенип таштап караандар
Кыргынды кыйын салганда,
Жырткыч менен кароолун
Көргөндө мынча баркы бар,
Күтүнгөн экен каркыбар.
Дарбазага жакындап,
Бута атымдай калганда,
Дарбазасын караса,
Жолоп адам баргысыз,
Жолу каткан Калчага
Жологон тирүү калгысыз.
Кез болуп адам баргысыз,
Кезиккен тирүү калгысыз.
Асты жагын караса,
Адам түшүп өлгөндөй,
Казып койгон ору бар,
Андан ары барганда,
Адамды кармап алуучу
Камдалуу турган тору бар,
Андан ары өткөндө,
Кайнатып койгон шору бар.
Бээжин оңой жер эмес,
Коңурбай оңой эр эмес,
Кабар берсе Коңурбай,
Калаймандуу бүлүктү
Ур дегизбей таштаган,
Ал эшиктин оозунда
Үйдөй чокмор аштаган.
Таң билбейбиз чын болсо,
Албан түрдүү балбаны
Ал эшиктин оозуна
Даяр болуп калганы.
Эшиктен аттап өтөрдө,
Көкжалдын уулу чунагың
Коңурбайдын Алгара
Кыл куйруктан алганы,
Кулду Кудай бергин деп,
Орой кармап куйругун,

www.bizdin.kg



Такымга мыктап салганы.
Каарланып бакырып,
Канкор Манастап ураан чакырып
Жанагы канкор Семетей,
Каарды катуу баштады,
Алгара менен ал кулду,
Адегенде жөн эле,
Сүйрөтүп кете таштады.
Тегиз жерде ал атты,
Төрт аяктап үйрөтүп,
Кез-кез жерде жөн эле,
Көкбөрү* кылып сүйрөтүп.
Карагул келет бакырып,
Шуру отогот маржан* таш
Луң-тундун* канын чакырып,
Мен өлдүм деп бакырып,
Кулду өлтүрө кетсем деп,
Семетей келет камынып.
Астындагы Бууданы
Буурул атка жалынып:
«Эми айланайын, бууданым
Айбан да болсо Буурул ат
Кара кылган тууганым!
Кутурган тийди колума,
Башыңды жерге сала көр,
Кагылайын, бууданым,
Башкача күчүң ала көр!
Ушул иттин кордугу,
Сай-сөөгүмдөн калабы
Суугa салган зордугу.
Айланайын Буурул ат,
Айбан да болсоң жалындым
Колума тийди Карагул,
Бир кишиге билгизбей,
Бир адамга туйгузбай,
Ээнге алып барайын,
Киши көрбөс кордукту
Жуукур кулга салайын,
Капкайдагы өчүмдү
Карагулдан алайын
Эл көрбөс жайда жарайын
Ичиндеги кара кан
Кош колдоп жутуп алайын
Башын кесип байланып,
Атакемдин сырдашы,
Асыл Бакай курдашы,
Берен атам Манастан
Белекке калган Бакайга
Туйбаганды туйгузган
Туйгун Бакай карыга,
Билбегенди билгизген
Билгич Бакай абама
Сүйүнчүлөп барайын
Кургурдун уулу дедиртип
Жакшы атакты алайын
Ойду, тоонун баарысын
Жүгүргөндөй кылайын,
Аяш атам Алмамбет,
А дүйнө кеткен кыраанды
Тирилгендей кылайын
Кыяны чаап талкалап,
Өч алгандай кылайын,
Быйыл кыямат кеткен элдердин
Өч алгандай кылайын!
Айланайын Буурул ат,
Күүңдү мыктап сала көр,
Күчүңдү мыктап ала көр
Сенден бөлөк Буурулум,
Которуп минер буудан жок.
Күлчоро менен Канчоро
Жанымда эки тууган жок.
Бел байлаган белим жок,
Сурап ичсе тойбогон
Сугалагын койбогон,
Султан кыргыз элим жок
Жалгыз келип жылкы алып,
Көргөнү келген кезегим,
Арка кылган элим жок,

www.bizdin.kg



Атайы келип Бээжинге
Өлгөнү келген кезегим!»
Деп, өшөнтүп, Семетей,
Өрттөй көзү бек жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Таруудайдан берениң,
Бөлө-бөлө бек чайнап,
Кайраты мыкты, заары күч,
Бу чунакка кезиксең
Өлдүмбү деп күдөр үз.
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Койгулашса душманга,
Коркуп колтук ачпаган.
Колуна тийсе күчтүүнү
Коёндой жерге жанчтаган.
Мунун атасынан бабасы
Ажалдан кайра тартпаган,
Өлүм десе сүйүнүп,
Аткан октон кайтпаган.
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түптүү Манас өз уулу,
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Кабарында бар бекен,
Канкор Манас жалгызы,
Жетим жүрүп жетилген,
Жергеге эптеп кошулган.
Кара сууга кан куйган,
Ак болот кылыч майлаган.
Ачуусуна тийгенде
Абыкени жайлаган.
Өчөөшүнө тийгенде,
Өз атасы Жакыпты
Жан алгычтай жалмаган.
Көбөштү көргө киргизген,
Көкжалдыгын билгизген.
Суу ич десе, уу ичкен,
Кан төк десе, жин төккүн.
Каражолтой көкжалдын
Кай кылыгын айталы.
Жылас алган Алгара,
Алгара кандай мал экен?
Алгараны куйруктап,
Бу канкордун уулу Эр чунак,
Бул эрдиги бар экен.
Алып жыга тарта албай,
Бирде Тайбуурул сүйрөйт тырышып,
Куйрукташып турушуп,
Аз гана эмес эки күн
Көкбөрү тартып турушуп.
Билген жанга бир кызык,
Дууга кирип калышты,
Айыкпай турган бир азап
Чуугa кирип калышты.
Байкасаң эрлер ушундай,
Ат куйруктан алышып,
Аңгемелүү жомокту
Көргөнгө мындай салышып,
Мына ушинтип турганда
Каары күчтүү Карагул,
Кара саат мына бул
Чылгый ичи өрт жанып,
Чыдай албай мына бул.
Буту кетип салактап,
Эки көзү алактап,
Эми чунак жеди – деп,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден арты кылтайып,
Чекесин түйүп турушуп,
Кайгыргандан Карагул,
Алгара менен урушуп.
«Зор Калчанын Алгара,
Багалчагың бир тутам,
Баканга чалыш болупсуң,
Согончогуң бир тутам,
Ай, союлган Алгара,

www.bizdin.kg



Чочко болуп калыпсың!
Арам өлүп союлчу,
Аңгекке башың тыгылгыр.
Кузгун куран окугур.
Жору көзүн чокугур!
Карышкыр жесин кардыңды,
Кайран атым өлдү деп,
Коңурбай тартсын дартыңды.
Булуттай учкан Алгара,
Бузулуп калган чагыңбы,
Жаадай учкан мал элең,
Жүрбөй калчу табыңбы?!
Беренжини байланып,
Беш-Бээжинди айланып,
Кан Коңурбай мингенде,
Кароолго чыгып жүргөндө.
Куюндан күлүк мал элең,
Курунду жакшы оттобой,
Куруп калган чагыңбы?!
Ата, Кудай урган Алгара,
Куйругуң жоого карматып,
Туруп калган чагыңбы,
Алышка керек Алгара
Азып колго кармалып,
Ата, Кудай урдубу?
Алтын түркүк чатырга,
Жетпей калчу күн беле,
Эр Коңурбай баатырга!»
Туураланып тутангыр,
Тура алган жок Карагул,
Туура балаа мына бул,
Чапканда кулак тундурсун,
Карагулдун булдурсун,
Бышты өгүздүн терисин,
Өзөгүнө кердирген,
Эки эркечтин терисин
Шыкап жатып өрдүргөн.
Алаканы айнектүү,
Булдүргөсү баргектүү
Долоно саптуу ак камчы
Толгой кармап имерип,
Камчы тийбес Кара атты
Казыга тартып жиберип,
Тизгинин булкуп имерип,
Боконону көк этке
Дагы чаап жиберип.
Камчы тийбес чоң Кара ат,
Карагул камчы салган соң
Казы алуучу боор эти
Жондонуп койдой бөлүнүп,
Коёндой жону түзөлүп,
Каран калган доңуздун
Арандай оозу ачылып,
Кан аралаш көбүгү
Омуроого чачылып.
Камчы жеген Алгара.
Кайыптай кулак жапырып,
Кара жердин кыртышын
Асмандатып сапырып,
Жолум үйдөй чоң туяк
Тырмактап жерге илинип,
Кабылганда кара жер,
Кат-катынан бөлүнүп.
Караганга чоң кызык
Тулпарлыгы билинип,
Кээ бир жерде карасаң,
Кемегедей тешилип,
Чыдай албай чымдары
Кат-катынан эшилип.
Бээжиндин бери жагынан,
Эр Семетей чунагың
Карагулга кезигип.
Чарчап чуркап Арбуурул,
Алгарага жетиптир.
Шашкан бойдон Семетей
Каарды катуу салыптыр,
Чымырканып капырың,
Алгарадай күлүктү

www.bizdin.kg



Чын куйруктап алыптыр.
Ар жакка тартып Арбуурул
Бери тартып Алгара,
Чын тамаша салыптыр.
Коңурбайдын Алгара,
Алгара жайын сураба,
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Канаттуудан башкача,
Такыр ага жан жетпейт,
Башын жерге уруптур,
Башкача мөңкүп туруптур.
Чымырканып жаныбар
Чыны менен түйүлгөн,
Үстүндөгү Карагул
Чымырканып камчы уруп,
Чымындай жандан түңүлгөн
Каарланып мөңкүсө,
Кара баскан чочкодон
Баскан ташы оюлду.
Күч келгенде карасаң
Туу куйруктун түптөрү
Жаңы ийлеген кайыштай
Кере кулач чоюлду.
Чоюлгандан сүзүлүп,
Жолу болгон Кара аттын
Чычаңынан куйругу
Семетейдин колуна
Кеткен экен үзүлүп.
Семетейден бошонуп,
Жадыгөйлүү Карагул,
Жаман душман мына бул,
Ал Карагул какжалдын
Атагын көргөн чочуган,
Арзан оңой уул эмес,
Канча бала бир барып,
Канча бири кырылып,
Ажайып дуба окуган.
Туш-тушка кабар бербесе,
Тура турган кул эмес,
Тутанып өлгүр бу чочко,
Тура турган уул эмес.
Эр Семетей көкжалдын
Куткарбасын билген соң,
Куптап жайлап алды эми.
Шамалдар менен бакырып,
Булуттарды чакырып,
Карагул жайлап турган соң
Кырдан кызыл шамал кырданып,
Асмандан булут сурданып,
Колоттон шамал табылып,
Кудай бетин көргөзбө,
Коктудан туман жабылып.
Бөксөдөн мөндүр шыркырап,
Жердин үсту ак чаңгыл тартып суюлуп,
Асмандан алты сай мөндүр куюлуп,
Чөп-чөптүн башы кыбырап.
Туш-тушунан жөө туман
Уруп турат шыбыргак,
Бет-беттин чөбү суюлуп,
Аңгек кокту жер менен
Аңги суу жүрүп куюлуп.
Аңгектин баарын тыгындап,
Алыштын баарын жыгындап,
Кокту ичинде таштардын
Баш-башы чыгып оройюп,
Кыянга келген жыгачтын
Тамыры калып соройюп.
Каталдын уулу Карагул,
Дүмөктү кылат мына бул.
Жер көрүнбөй тутулуп,
Жетик эрен өрттөнгүр,
Семетейден кутулуп.
Карагул жайы мына бул,
Жаны ордуна келген соң,
Каканчынын Чымачын,
Туура жагы Бакбурчун.

www.bizdin.kg



Бакбурчундун маңдайы
Алтын түркүк чатырга
Эр Коңурбай баатырдын
Сейилге жаткан чоң сарай,
Арзан бир эмес чоң сарай,
Айтып турган адамга
Салтанаты бир далай.
Керүүнүн мыкты тамына,
Бармак болду Карагул.
Кечилдин мыкты канына
Кабар бербей Карагул,
Карап калчу эр бекен.
Эр Коңурбай жанына,
Ашып-шашып анталап,
Капкасы болот ордого,
Эр Коңурбай коргонго,
Кабарга барган кезинде
Кабар айтар чагынын,
Болуп кетер өзүндө.
Таң кашкайып сүрүптүр,
Жерге жарык тийиптир.
Таңдын арты бүлтөйүп,
Асмандан жылдыз бөлүнүп,
Ал жылдыздын баарысы,
Күн батыш көздөп төгүлүп.
Тоо-таштын башы оркоюп,
Дүнүйө жүзү көрүнүп,
Таң кашкайып турду эле,
Таңдын жели зыркырап,
Бет какшатып урду эле.
Дарагы даана көрүнүп,
Жерге жарык төгүлүп.
Камыштын башы зыркырап,
Талаадан торгой чуркурап.
Талынын үстү ийилип,
Адам кылып койгондой,
Кумунун үстү чийилип.
Алтын боолуу чатырга
Барган экен энтеңдеп.
Эр Коңурбай баатырга.
Коңурбайдын тушунда,
Каталдын уулу Карагул
Кадимкидей бакырып,
Кабар берди ушунда:
«Адырдан жылкы алдырдык,
Арам Калча үйдөбү?
Казылуу жаткан орум бар,
Кайнап жаткан шорум бар,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Айта турган сонун бар.
Үйүңө түшкөн бузук бар,
Өйдө болсо Коңурбай,
Үч күнү айтар кызык бар.
Көөдөнгө нечен санаа бар
Кызыталак канкордун,
Кылымды бузган канкордун
Артыңда калган бала бар.
Бул учу талаа, Ала-Тоо
Ушу жагы Кең-Өзөн.
Учуна чейин чалдым – деп,
Ушундан кабар алдым – деп.
Кызыталак Калчанын
Айтканында чала бар.
Көрсө Калча калп айткан,
Кызыталак канкордун
Өзүнөн тууган бала бар.
Баласы келип чыр кылып,
Казып кетти орумду,
Кайнатып кетти шорумду
Каарды катуу баштады,
Сакалым менен мурутту
Такыр жулуп таштады!
Эрикпей таттуу майым жеп
Элкин жатып жайым жеп,
Эсимден чыккан кыйла иш,
Жылкынын кысыр тайын жеп.
Жолу болсун Карагул,

www.bizdin.kg



Жолум үй оозун ачтырдым,
Жолугарга жолукпай,
Жолборс сындуу капырга
Так төбөмдөн бастырдым
Каарлуу эрге тутулдум,
Жылкычым жылма кырдырып,
Эбимден эптеп кутулдум,
Манаска тууган элем деп,
Ар кандай түрдүү кеп салдым,
Канкордун уулу чунакты
Эбим менен жеп салдым!
Бузулган экен көргөн түш,
Айрылган сакал, муруттан,
Кылымда барбы ушул иш.
Кечээ бабасы башка доңуздун,
Мунун башкы атасы өлгөндө,
Бар дүйнөсүн талкалап,
Кызыталак бурутту
Биздин кытай бөлгөндө.
Кордук менен айдалып,
Бабасы Жакып бачагар,
Бул Алтайга келгенде,
Алтайга келип айдалып,
Айласын таппай сандалып,
Ушул жерде жүргөндө.
Зыйкырчы айтса тил албай,
Эл болбойт десе эзели,
Эзелде тилди албаган,
Кызыталак Эсенкан,
Эчтеме билбес кан окшойт,
Көөнү келсе чочконун
Ошол келген бурутка,
Боор оорусу бар окшойт.
Ушул Алтайда Манас туулган,
Он экиге келгенде,
Ааламга салды чуулган
Кабарында бар бекен,
Каарды катуу салганда,
Кыз, катынды талкалап,
Жылоого тартып алганда.
Каканчылуу Бакбурчун
Манастын канчасын ойло
Бу журтуң.
Оорчун каптап кол салды,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн өлтүрүп,
Бул Бээжинге кол салды.
Каарды катуу баштады,
Коңурбай кандан бөлөктү,
Калтырбай кырып таштады.
Бээжинди бузду кимди алды?
Билге жүктөп дилде алды.
Оймок ооз, бото көз
Кырмызы көйнөк айча бел,
Кылтылдаган сулуудан,
Тандап туруп ал Манас,
Тейтей* кыздан миңди алды.
Биздин Бээжин болгону,
Каканчылуу Бээжин деп
Кан атакка конгону.
Мындай мүшкүл иш көрүп,
Ушу кызыталак канкор кол салды.
Бээжинден мынча олжо алды,
Ошо тутанып өткөн куу мурут,
Артык баатыр жан экен,
Канкордон артык туулган,
Артында бала бар экен.
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Ал баланын келбети,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Кайраты мыкты, заары күч,
Калбай Бээжин өлөсүң,
Кайратын көрсөң күдөр үз!
Өзү кынсыз кылыч байланган,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланган.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек.

www.bizdin.kg



Ай-ааламга бир кыргын,
Салчу түрү бар экен,
Алыша кетсе Бээжинди,
Куйкаланган Эр чунак,
Алуучу сыны бар экен.
Калк башкарып олтурар,
Кандар сыны бар экен,
Жеткен жерин сойлотчу,
Балбан сыны бар экен.
Асты жагын карасаң,
Айза сунуп айкырган,
Алты миң эрдин сүрү бар,
Алда канча жерден соруучу
Арка жагын карасаң
Ажыдаардын түрү бар.
Беттеп бенде баргысыз,
Бейпайлуу мүшкүл чоң дүрбөң,
Беттеш тирүү калгысыз,
Аркы талаа улуу жол,
Кызыталак Коңурбай,
Учуна чейин чалдым – деп,
Канкордун уулу чунактан,
Жакшылап кабар алдым – деп,
Кан башың менен дардайып,
Кан Коңурбай Калча кул,
Сенин калп айтканың күйгүздү!
Бурут алды жылкыңды,
Бузулган Калча-үйдөбү,
Кыргыз алды малыңды
Кырып кетти түгөнгүр,
Жылкы баккан барымды!
Тирүүлөй чукуп орумду,
Тим эле көзгө көргөздү
Тирүүлөй менде көрбөс сонунду!
Өрттөнгөн канкор тукуму,
Өгүздөп минди соорума,
Курдашым Манас өлбө – деп,
Кур бекер жерден жалынып,
Куу тилим калды сообума.
Эртиштен жылкы тийгиздим,
Эселек Калча үйдөбү?
Үч-Ала-Көл түпкү жол
Учуна чейин чалдым – деп,
Ушул калп айтып тургуча,
Ушунтпей Калча өлсөңчү,
Бере Карагул менен Алгара
Кандайча түрүн көрсөңчү,
Кызыталак Коңурбай,
Амызыңдан өлсөңчү
Астында Буурул аты бар
Сенден өлгөн Манастын,
Кунун кууп алууга
Тигилген экен каркыбар!
Көргөнгө болбойт көп арман,
Өлбөсөң Бээжин тура тур,
Жетимден көргүн чоң жаңжал
Астындагы мингени,
Кызыталак канкордун,
Бекер куйрук, жал эмес,
Биздин Бээжиндиктин малы эмес.
Чу укканда бөлүнгөн,
Чуркаганда чочконун
Тулпарлык сыны көрүнгөн.
Тоого жүрсө кылт этип,
Тайгылбайт экен бийиктен.
Ташка салса, калышпайт,
Тоодогу кайып, кийиктен.
Ок жетпеген аты бар,
Кастарын тигип Каканга,
Манастын, кунун кууганы,
Калган окшойт каркыбар.
Кырк күнчүлүк чөлдөрдө
Ат бутунан орногон,
Чөп чыкпаган жерлерде,
Каарды катуу баштады,
Какшап турган абаңды,
Кагып кете жаздады.
Ошо чөлгө келгенде,

www.bizdin.kg



Кызыталак Алгараң,
Кылымда жок дечү элең,
Башын жерге салалбайт
Азып калган кезиби,
Же чочко аркардай арыш сала албайт.
Анда жандан түңүлүп,
Барган сайын Буурул ат,
Басмак болду жүгүрүп,
Азганакай жетимдин,
Буурул аты ток экен,
Ушул какшап турган Карагул,
Түк ажалы жок экен.
Тууралanбай өйдө тур
Өзүң көргөн Коңурбай,
Түбүңө такыр жетти го,
Бажыга жыйган сан кара,
Казыналык түмөн мал.
Дүмбөкү Манас тукуму,
Түк койбой тийип кетти го.
Коңурбай болбой өлүп ал,
Ушунтип тирүү тургуча,
Кызыталак чоң Калча
Туулбай туна чөгүп ал.
Бети алдыңа сүйлөгөн,
Карагулдун кеби бар.
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көгала калкан ойногон,
Башын баргектүүгө көмөгөн,
Аягын миң алтынга бөлөгөн.
Ак сакалын жайкаган,
Ар уруу кептен байкаган.
Көк ырапыс* тон кийип,
Көк тулпар тандап ат минген.
Олуят уулу Эр Бакай,
Ошол чочко өлбөптүр,
Өлмөк турмак Бакайдын,
Караган кара көзү экен,
Кайгуулга чыгып кол баштап,
Канкордун уулу чунакты.
Алып келген кези экен.
Кыйшыңдуу жерди чалдырдык,
Кызыталак, көп жылкы
Ал бурутка алдырдык.
Жазайыл жапаа көп тартып,
Көрбөй келдим көрдүңбү?
Жазылуу катым жогунан,
Өлбөй келдим көрдүңбү?» –
Деп, өшөнтүп күүлөнүп,
Албар түрдүү кеп айтып,
Ал кебин акырын эмес, бек айтып,
Ар бир кеби сай-сөөктүн баарын
жеп айтып
Кайгуулдун жолун чалдым деп,
Калп айттың Калча деп айтып.
Алгара оозун бурганы,
Арам нээт Карагул
Айкырык салып турганы.
Мына ошондо Коңурбай,
Болот эшик дарбаза,
Болумдуу экен байкаса,
Алтымыш жайсаң канжасы,
Ал ээкөнүн кичи уулу
Коңурбайдын жанында
Алты миң кытай, сан калдай,
Абыдан эри Коңурбай.
Коңурбайдын жанында,
Шуру отогот, маржан таш,
Өрттөнгүр жайын карасаң,
Луң-туңдун каны аралаш.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрү ошерде.
Таш сайынган манжуунун
Тазалары бу жерде.
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Унаасы жок жоолашкан
Аскеринин күлүгү,
Ай-ааламды буй кылган
Коңурбайдын булугу.

www.bizdin.kg



Ал капканын ичинде,
Алтын чатыр алдында,
Бадышалык багында,
Жаткан экен Коңурбай
Сейилге жатчу чагында.
Саймедиреп бакырык,
Бөлөк жан жакын жолобойт,
Бир адам турат безенип,
Коңурбайлап чакырып.
Карагул үнүн укканда,
Сакчынын баары бүгүлүп,
Кабарчынын баарысы
Туш-тушка кетти жүгүрүп.
Үлкөн чууну укканда,
Коңуругу басылып,
Эр Коңурбай чоң Калча
Умачтай көзү ачылып,
Эшке чыгып каалаcа,
Эл аманын караса,
Дарбазанын эшикте,
Кабарчы жүрчү тешикте,
Кендемедем мунара
Мунаранын түбүндө,
Ачык талаа кең турду
Кеңде жайнап эл турду,
Элдин баарын караса,
Эл ичинде Карагул,
Эң эле кызык мына бул.
Кызык болгон себеби:
Чак-челекей чаң болгон,
Башы-көздүн баарысы,
Чачыранды кан болгон.
Уктаса кирбейт ишке түш,
Карагул мындай болот деп,
Кабарда барбы ушул иш.
Карагулду караса,
Кадимкидей сакал жок,
Алгарада куйрук жок,
Сүлдөрү бар, өзү жок
Тулпарында куйрук жок,
Ичи өрттөнүп болду чок.
Атасы Манас көкжалдан
Азапты мынча көрбөдүм,
Олжого кетпей сен экөөң,
Эмине маа келгениң?
Сүлдөрүң бар, түрүң жок,
Экөөң сүйрөтүп ийген белемсиң
Сакалың жок, өзүң бар,
Сайдырып салган белемсиң?!
Карагул, саймедиреп сөзүң бар,
Көңүлүм кетти бөлүнүп,
Алгара менен Карагул
Жандуудан ынак сен экөөң,
Түрүң суук көрүнүп.
Казылган калың ор кайда?
Ушул турган Бээжинди,
Камап жаткан кол кайда?
Өрттөнүп өлгөн Карагул,
Жапа көрүп кайгырып,
Бар мүчөндөн айрылып,
Келүүчү абам сен белең,
Көрчү төрөң мен белем.
Кызыл мунар тоо кайда?
Кыргындашчу жоо кайда?
Кылычың жок, кының бар,
Кыр-кырыңдан карасам,
Кыргындан чыккан жериң бар.
Куйругу жок атың бар,
Кандай мүшкүл балаадан
Чыгып келдиң каркыбар?
Чалынбас чукул жол барбы?
Чабыша чыккан кол барбы?
Мурунтан бери кас эле,
Буруттан келген жоо барбы?
Чамаңды көрсөм Карагул,
Адамга түрүң бербесин,
Чаркың кеткен мына бул,
Чалдырып койгон немедей,

www.bizdin.kg



Чак-чалекей болупсуң,
Эртели-кеч жайың деп,
Жылкынын кысыр тайын жеп,
Жылма болгон сен чочко,
Алдырып койгон жайың бар.
Чалгайлуу айткан сөзүң бар,
Чамаң кетип Карагул,
Чарчап калган көзүң бар.
Кыңырттуу айткан сөзүң бар,
Кыябыңдан ажырап
Кыйноону тарткан көзүң бар.
Сенин бөлөгүң турат көзүңдө,
Бөтөнүң турат өзүңдө.
Боз мунарык жол барбы,
Сакалыңдан ажырап,
Карагул бойбоюп келген экенсиң
Бозала желек туу тарткан,
Кыргыздан келген кол барбы?
Ай касаба туу барбы?
Айта салчы Карагул,
Асман жарган чуу барбы?
Кыр-кырыңдан байкасам,
Сенин кыргыңдан чыккан түрүң бар
Кетип калган эбиң бар,
Эмине деген кебиң бар?
Жамгыр кылып жаа тарткан,
Мөндүрдөй бөлөк ок аткан,
Чуудан чыгып калдыңбы?
Айгай кулак тундурган,
Чуудан чыгып калдыңбы?
Түшсө жандар кутулгус
Тордон чыккан кейпиң бар,
Алты ай тынбай жол жүрчү,
Жолдон чыккан түрүң бар,
Чалгын чалса кече алгыс,
Суудан чыккан кейпиң бар,
Кылайтпастан чыныңды айт,
Кытайдын уулу Карагул
Калп сүйлөбөй чыныңды айт.

Буруттан келген жоо болсо,
Каканчыңдын Бээжинге
Айыкпай турган доо болсо,
Алгара жасап минейин,
Аттанып кырып баарысын,
Ала жүргөн кол эле,
Өлтүрүп Бакай карысын,
Жерине чейин сүрөйүн,
Буласын булап алайын,
Бузукту минтип салайын,
Бөлөк жактан жоо болсо
Жерине айдап барайын.
Карагул каалап чыныңды айт.
Өзү келген эл болсо,
Өкүмсүнгөн шер болсо,
Кызыкты кыйын көргөнү,
Кылча калып кылайбай,
Кызталак менден өлгөнү.
Бу Бээжинди кайтарган
Чоң жадыгөй зор берген.
Мени менен кагышып,
Кайрылып калкын ким көргөн
Каарым келип камынсам,
Кагышып менде келеби,
Мен Коңурбай берендин
Кайран башы барында,
Кармашып бирөө жеңеби.
Эсил башым турганда,
Эселексиң Карагул,
Эңкейтип адам алабы,
Эсилиң карап турганда
Чарпышкан тирүү калабы.
Өкүм кылып, күч кылсам,
Тоодой Калчаң барында
Тоо туруштук береби,
Тозокту тарткан немедей,
Томсорбогун Карагул,
Тоодоюң Калчаң барында
Топтошуп душман жеңеби?

www.bizdin.kg



Бет алышып турушкан,
Чынмачындын Каканга
Бет алышып салышып,
Кандай менде урушкан?
Энтеңдебе Карагул,
Эселек сөзүң мына бул
Маңдай-тескей турушкан,
Басып калган жан болсо
Мылтык атып, жаа тартып,
Барсылдашып урушам.
Кара суууда кеме жок,
Кайран башым барында,
Каканга тийчү неме жок.
Туура суууда кеме жок,
Турсам Калча чамынып,
Кез келишчү неме жок.
Сакалыңдан ажырап,
Эрге мүшкүл ушул иш,
Дартыңды айтпай жатпайсың
Манастын уулу мындай деп,
Бир тентип жүргөн жетимди
Мынчалык неге мактайсың.
Майга адам мас болот,
Мас болуп уктап жатканда
Бастырып салган экенсиң.
Көөдөктүн уулу Эр чунак,
Колго тийди коён – деп,
Өз билгенин кылыптыр,
Сакал менен мурутту
Бирин койбой жулуптур,
Ай, Карагул кантем? – деп,
Бу Бээжиндин бөксөсү
Өзүм чалган жол эле,
Атасы Манас көөдөктү,
Кабарында бар бекен,
Алты алдаган кул эле.
Кара сууну баткалда
Кыбыла көздөй бет алып,
Кыраан Манас чөк түшүп,
Тооп кылып жатканда.
Алгара менен булкунтуп,
Артынан аңдып баргамын,
Чекеси жерге тийгенде,
Кыр арканын үстүнө
Кызыталак канкорду
Айза менен сайгамын.
Сол кол менен союлгур,
Солбуп кармап айзаны,
Айзага кылган айланы,
Алып туруп тартканда,
Айзам сынып кетти эле,
Карткүрөң сындуу ат минип,
Жакасы гүлдүү тон кийип,
Аргын кандын Ажыбай,
Эмчектин алды жагында
Кыргактуу болот сыр найза,
Кылчайбай муштап кетти эле,
Кээде эске келе алсам,
Кээде эсими жыя албай,
Эңгил-деңгил болгондо,
Ал аңгыча болгон жок,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргын десе сүйүнгөн,
Кыргылчал башчы карысы,
Кыйкырып айза сунуптур,
Кырк чоронун баарысы,
Өрттөн алып куткарган,
Ушул Алгаранын каруусу.
Астымдагы Алгара,
Ала качып куткарган,
Адыр-күдүр чыбырга
Сала качып куткарган.
Келгендерден кеп угам,
Кыр арканын сөөгүнө
Сайылып калган айзаны,
Тик тарткын десе, бош тартып,
Айзаны сууруп алды дейт.
Айзанын учу бадырап,

www.bizdin.kg



Эки эли жери сынганда
Сөөгүндө калды дейт.
Айзанын учу кабажык,
Бел сөөгүн мүлжүп кетти дейт,
Жүлүнгө барып жетти дейт.
Жүлүнгө тийген айзадан
Кыямат жүзүн көрдү дейт.
Жүлүнгө оору барган соң,
Күйүттү тартып кайгырып,
Каралашып олтурган,
Алмамбет, Чубак эки эрен,
Ал экөөнөн айрылып,
Күйүт тартып кайгырып,
Ошол канкор өлдү дейт.
Кайра тартпас чын жайды,
Кабылан Манас көрдү дейт.
Алп жыйылып көмдү дейт,
Кербендерден кеп угам,
Каралуу кетип Каныкей,
Балтыр бешик кезинде,
Баласы тентип Семетей,
Манастан калган көп дүйнө
Кылча көрбөй чачты дейт.
Темиркандын шаарына
Тентип долу качты дейт.
Буруттун арка кылып олтурган
Тоодою Манас өлдү дейт.
Калып калган дүйнөсүн,
Абыке, Көбөш баш болуп,
Алты киши бөлдү дейт.
Атасы өлгөн бу жайды
Көргөнү келген кези го,
Наркына кетип ал көөдөк
Менден өлгөнү келген кези го
Эр Коңурбай муну айтып,
Эртеги кеткен шумду айтып,
Көк бөрүнү жамынып,
Көрсө ушул Коңурбай
Көк жолборстой чамынып,
Көөхардан топчу муштумдай,
Көрчү болсоң ушундай.
Майдамдагы мунара,
Мунараны сураба,
Ал мунардын бийиги,
Курбусу темир тээктүү,
Бийиги алыс жээктүү.
Мунаранын үстүндө,
Бил териси тургáны,
Бу кытайдын кылганы.
Жоондугу үч кулач,
Чылгый билдин териси,
Кагаарда чабат балбаны,
Чапса кулак тундуруп,
Көчөт экен даңылдап,
Чоң-Бээжиндин керүүсү,
Чоюн башын көтөрүп,
Буюрса чабат балбаны,
Анча-мынча кулактын
Укпай чыгат далдалы.
Добулбас бекем кагылып,
Түмөн каптап, сандап кол,
Түк калбай келди жабылып,
Албан түрдүү эли бар,
Оңолбогон Калчанын
Камдаган түрдүү шери бар.
Ойлосо сөзү чоң дүмөк,
Түгөнбөгөн кеби бар.
Түгөттүн уулу чунактан
Түйшөлүп жүргөн чени бар,
Кандан кабар келди – деп,
Кан Коңурбай зор калча
Кандай неме көрдү – деп,
Темир аркан торчону,
Тегиз чоюн баш колчону,
Айзасы артык учтуусу,
Кылычы кыйын миздүүсү,
Ат көтөргүс жөөлөрү,
Албан түрдүү дөөлөрү,

www.bizdin.kg



Билеги толук балбаны,
Кажыбай жоого тийүүчү,
Кең көкүрөк корс кыял
Ала көөдөн дардаңы,
Калбай келип калганы.
Качыр минген эрлери,
Айбандай чуркап жол жүргөн
Жөөгө көнгөн шерлери.
Жонокко түшүп бакырып,
Жоо кайдалап чакырып,
Келген экен эрлери
Калча кабар салганда,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүнөн жан калбай,
Карапжы кийген калмактын
Кандарынан да калбай,
Аламандап чуу тартып,
Керинейин тарс уруп,
Барабан үнү бапылдап,
Жез чоор үнү такылдап,
Торала желек туу тартып,
Кармашчу жоо кайда деп,
Каканчылап чуу тартып,
Аз гана эмес, мол болуп,
Бээжинге жайнап кол толуп,
Каканчылуу калаадан,
Аржагы барчу талаадан
Ушундан берки козголуп,
Алтын түркүк чатырга
Албан түрдүү кол каптап,
Аз гана эмес, мол каптап,
Келген экен жабылып,
Кечилдин каны төрөгө
Келген экен камынып.
Кынжыланып кээ бирөө,
Байлалуу экен балбаны,
Кокус бирөө бошосо,
Кармап койгон адамдын
Чыга турган далдалы.
Ороо түшүп муштаса,
Кабылып кетсе менденин
Чыга турган жандары,
Кендемеде мунарга
Келди баары жабылып.
Балбаны минтип турганда,
Кабар салып шаштырып.
Урушка минчү Алгара,
Урушта мындай болду деп,
Култулдатып өрттөнгүр,
Аркы-терки бастырып,
Алты миң кытай, сан калдай
Айкырык салып шаштырып:
«Улугуң ук, каның ук,
Ушул журтум, баарың ук!
Белин бекем бууптур,
Бэйжинде жаткан өзүмдөн
Берен окшойт жетим кул,
Атасы Манастын кунун кууптур.
Кайгуул чалбай жатканда
Калайманды салыптыр,
Кыйын тулпар Алгара
Өрттөнгүрдүн тукуму
Куйругун жулуп калыптыр.
Алгара тирүү келиптир,
Жаман атка конуптур,
Чолок кара ат болуптур.
Жаманатты болуптур,
Кабарында бар бекен,
Кагышка минчү Кара атым,
Капталында бар эле,
Кысталактын канаты.
Канатын канкордун уулу жулуптур.
Абайласам Алгараны
Кырсыктын кырк уруптур.
Катыра камчы чабылбас,
Алгаранын кара сан,
Камчы тийип калыптыр,
Семирип-сергип албаса,

www.bizdin.kg



Кырсык басып калыптыр.
Үстүмдөгү көк күбө,
Этеги тозуп, жеңи боз,
Эми кантип киемин?
Астымдагы Алгара,
Кучак куйрук көрку жок,
Кулжаңдатып каранды,
Кай бетим менен минемин?!
Бүгүн журтум, күн эсебин алгыла,
Бүгүндөн бөлөк сексен күн,
Даңсыга каттай салыңдар,
Өтүк чечип, бут сунуп,
Семирип-сергип калыңар!
Күн сексен күн өткөндө,
Андан кийин жыйылып,
Тобуңду жазбай топтолуп,
Деген сөзгө көнүңөр.
Кылча бирөөң калбастан,
Баарың мага келиңер...» –
Деп, өшөнтүп Коңурбай,
Көгала сакал чоң манжу,
Келберсиген доңуз ай,
Каарды катуу баштады,
Калганың дүмөк мындай деп,
Каарланып зиркиреп,
Тоо камандай күркүрөп,
Токтотпой буйрук иш кылып,
Кызыкты кымбат баштады,
Келген журту ушинтип,
Келбеген бирди көрөт – деп,
Кесирин көрчү Калчанын
Кырып ие таштады.
Кандыгын журттан ашатты,
Алгаранын куйругун
Амыз кылып эр чочко,
Алтын менен жасатты.
Алтындан куйрук кердирди,
Аны кылган устага
Алтымыш тейтей кырк кыздан
Усталарга бердирди.
Кеп куйругу бүткөндө
Алгарага кийгизип,
Алөөкөнүн Коңурбай
Ок жетпеген Алгара,
Ойногон тулпар ат минип,
Ок өтпөгөн көккүбө
Ойлосо мындай тон кийип,
Каарланса Коңурбай
Түгү бетке айланып,
Түгөнгүр жайы ушундай,
Жоо-жарагын байланып,
Көпкөк темир тубулга
Көмкөрө башка кийди эле,
Кол токмоктой кара чач,
Аркасына ал капыр,
Эки муунап түйдү эле,
Кагышсам окус болом – деп,
Жоо-жарагын түк койбой,
Жолу болгур кийди эле.
Кош бадана торгой көз,
Жакасы бөлөк, жеңи жез,
Жакпаганын сөктүргөн,
Болот эгеп жиберип,
Шеги бар жерге төктүргөн,
Машаанын мурду тартпаган,
Айзанын учу батпаган,
Кабырганын себилди,
Кайран Калча кийинди
Жан коргоочу темирди.
Ай далынын үстүнө
Жана тартып темирди,
Күтүнгөн андай себеби,
Күрдөлүү Манас барында,
Аккула менен Алгара
Тең тартып оозун бурганда,
Ат үстүнөн кыйкырып,
Айзалашып турганда,
Эчен айза далай жеп,

www.bizdin.kg



Эсинен танып бүгүлүп,
Кайран жандан түңүлүп.
Көргөн Калча эмеспи,
Көгала сакал чагында,
Көп беттешип жаштарга,
Кокус өлүп кетем – деп,
Кордукту ойлойт эр Калча.
Алтын жаак айбалта,
Билекке орой чалды эле,
Нар башындай чоюн баш
Аны да кошо алды эле.
Баштамак болду бүлүктү,
Байлаган экен Коңурбай
Алгарадай күлүктү.
«Калың кара кол албай,
Кайгуулга чыгып бакалап,
Каспаңдын-Тоосун жакалап,
Жолду төрткө бөлөйүн,
Атасы Манас көкжалдан
Арта тууду – деп турат,
Сөлөкөтүн-сөлбөтүн,
Атка минген келбетин,
Абайлап жакшы көрөйүн.
Эрдигин көрбөй чунактын,
Бүлүнүп түмөн кол айдап,
Аз гана эмес, мол айдап,
Кырк күнчүлүк жерге айдап,
Кырылып кетчү чөлгө айдап,
Тулпардын баарын жоорутуп,
Эрендин көөнүн оорутуп,
Кээ бирөөсүн ыйлатып,
Кээ бирөөсүн сыздатып,
Эл көңүлүн муздатып,
Кай муразга жетейин,
Манастан туган эр болсо,
Эли жок чөлдө кезигип,
Күрпүлдөшө кетейин,
Каңкайган башым барында,
Караансыз келген баладан
Калп эле коркуп нетейин.
Бүлүк кылбай Бээжинди,
Бүлүндүрбөй элимди,
Алыстан кабар алайын,
Манастын уулу чын болсо,
Жетип сынап калайын,
Убара кылбай элимди
Өзүм эле барайын.
Күрдөөлүү башым барында
Күлүгүм кантип берейин,
Күрдөөлүү болсо Семетей,
Күрпүлдөшүп көрөйүн.
Баанайым баатыр чагында
Малымды кантип берейин,
Кутурган окшойт куу бала,
Кулжуңдашып көрөйүн!» –
Деп, өшөнтүп Коңурбай,
Көк күбө тонун кийинип,
Көк жолборстой түйүлүп,
Коңурбай жайы ушундай.
Көз айнеги балкылдап,
Көөкөрдөй болгон шуру таш,
Өрттөнүп өлгөн манжуунун
Төбөсүндө жаркылдап.
Капкасы болот ордодон
Калды Калча бүлүнүп,
Ок өтпөсү кийинип.
Алты сайлуу чоң бараң
Очогорду илинип,
Калчасы кайра келбестей,
Кытайын кайра көрбөстөй
Карагул турат күйүнүп.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Келберсиген чоң Калча,
Булгаары тердик, бурма бел,
Буруксуган эр Калча,
Көргөндө көңүл бөлүнүп,
Жасалган адам уулунан
Артыгыраак көрүнүп.

www.bizdin.kg



Астында тулпар малы бар,
Көгала сакал чоң манжуу
Картайып өлүп калса да
Ааламды бузар алы бар.
Эки көздүн кычыгы
Ачылып калган көргө окшоп,
Ай маңдайы жагдайып,
Бай жайлаган төргө окшоп,
Бурулуп чыккан муруту,
Майлаган балта сабы окшоп,
Оңкойгон опсуз муруну
Селебенин* кабы окшоп.
Атагын сурап олтурсаң,
Чет-Бээжинде туулган,
Кытай турмак кылымга
Коңурбай салган чуу кылган
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Добушунан жан чыккан.
Керишке чыкчу жер ошол.
Кенебеген эр ошол.
Эрдигин көрүп каканчы,
Айткан сөзүн эп кылган.
Кааттап душман келбеске
Чет-Бээжинге чеп кылган.
Кабарыңда бар бекен.
Кагышкан жанды мерт кылган
Айласы жетик Калчанын
Ыктуулугу дагы бар.
Жоонун айласын билген абыдан,
Мыктуулугу дагы бар.
Керүүгө салган там ошол,
Керишчү болсоң кез келип,
Кечилдин мыкты каны ошол.
Акылы артык, заары күч,
Кабарыңда бар бекен?
Кагышкан жерди кылат түз.
Кечилдин каны чоң чочко,
Бээжиндин каны оң чочко.
Ойноктогон чоң кара ат,
Оң солоонго таратып,
Эти-жөнү кандай деп,
Сынчыларга каратып.
Алтын ээр көмкөр каш
Алган бойдон түгөнгүр
Алгарага токутуп,
Алтымыш балбан, сан солоон,
Айласы кандай болот – деп,
Агала сакал чоң манжуу
Ошончо журтун чочутуп.
Убайым жеп буркурап,
Уйпалган журту чуркурап.
Карып келген кезинде
Кайран кыраан кандай – деп:
«Сакалдын кылы ак эле,
Мунун сапарга кетер чагы эле.
Сексенден ашып, токсонго,
Жакындаган табы эле.
Караан жолдош боло албай,
Азар түмөн мол албай,
Ата кайран немени
Карып калган чагы бейм,
Кан ичер Манас уулуна
Касташып бөөдө кезигип,
Сапарын тартар кезиби,
Көгала-сакал кезинде,
Көкжалдын өзү келбейт ко,
Ата, кыраан кантейин,
Бээжинди кайра көрбөйт ко
Калча аттанып турганда
Улугу ыйлап, каны ыйлап,
Ушунча журттун баары ыйлап,
Кайгыргандан калың журт.
«Олдо кайран эр неме ай
Карып кетти» – деп ыйлап,
Ар кимисин карасаң,
Өз кайгысын жеп ыйлап.
«Каалаган кымбат кан эле,
Кайра келсе» – деп ыйлап.

www.bizdin.kg



Күн кылкылдап батты эле,
Элдин асты жатты эле.
Капкасы болот ордодон,
Чоң-Бээжиндин коргондон.
Алтындан тизгин булкунтуп
Алгара менен жулкунтуп,
Калчанын жайы момундай,
Билектин эти бырышып,
«Ит эмине болгон?» – деп,
Алгара менен урушуп.
Оозун жайса Алгара,
Оңолбогон чоң Кара ат,
Басып өтсө кара таш,
Кум-талкан болуп быркырап,
Кутургурдун Кара аты
Булуттай учуп дыркырап,
Түн ортосу мезгилде,
Туруп Калча ээлигип,
Түн ортосу болбостон,
Күрпүлдөктүн Сары-Суу,
Сары-Сууга кезигип,
Алгара оозун жайды эле,
Алгара тулпар турабы,
Күрпүлдөктүн чоң суудан
Кайра тартпай Алгара
Кез болгон жерден чурады.
Жылкы жаткан керүүгө,
Кыр-Кайыңдын белине,
Күрпүлдөк шордун жээгине,
Жылкынын жайыт жерине
Эр Калча салып келди эле
Жолум үйгө караса,
Эл аманын кааласа,
Жолум үйдө жылкычы,
Өлүп жатат тырайып,
Денеси калып, башы жок,
Такыр өлгөн сырайып.
Чакчелекей чаң болгон,
Бил тепсеген эмедей
Жолум үйдүн баарысы
Быт-чыт түшүп дан болгон.
«Карагулдун бу жайдан
Көргөндүгү чын экен.
Андан башка баарысы:
Өлгөндүгү чын экен».
Мына ошондо Коңурбай,
Каарланып тура албай,
Алтын айлуу чоң канжа,
Алачыктай чоң Калча,
Дүңгүрчөктө тамеки
Көр чеңгелди салды эле,
Канканы колго алды эми.
Кытай оттук боор таш
Кырып ийип чок коюп,
Акылга дыйкан эр Калча
Соруп салса канжасы
Кадимкидей коркурап
Коё берсе түтүнү
Колуштуктай буркурап.
Төбө чачы сексейип
Жылкычымды кырды – деп,
Алып кетип жылкымды.
Жана кызык кылды – деп,
Алапайын таба албай,
Алгара оозун бурганы.
Күнү-түнү нечен күн
Чоң күйүт тартып калгансып.
Ошо жерге турганы.
Артынан кууп Коңурбай,
Аны мындай таштайлы,
Жылкы айдаган Семетей,
Ошондон кабар баштайлы:
Оркойгон тоонун урчукта,
Оңурайган тумшукта,
Алмамбет тапкан Жаңы-Жер,
Жаңы-Жердин өзүндө,
Алтын казчу кенинин –
Ошо кендин белинде

www.bizdin.kg



Үйдөй болгон чынардын
Абаң Бакай карыя,
Астындагы Көкчолок
Ээрин алып жайдактап,
Кош чидер уруп баймактап,
Көк токумун жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Уктап аткан карыя
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Шашып намаз окунуп,
Көкчолокту токунуп.
Абасы Бакай акжолтой,
Таң кашкая сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде
Ээрчиткени Актайган,
Кондурганы Акшумкар,
Астыга салса акжолтой,
Айдап жүрсөң сан колдой.
Билбегенди билгизген,
Билимдүү Бакай карыя.
Туйбаганды туйгузган,
Туура Бакай олуя.
Жан жүрбөгөн керүүгө:
Семетей кайда болду?» – деп,
Жалпак адыр сеңирге
Таянып Бакай турду эле.
«Агала чап, Кызыл-Кум
Алмамбеттин атасы,
Атасынын керүү эле.
Калкылдаган кара куш,
Кабылан Алмаң барганда
Коюп кеткен бери эле.
Мээнет башка күн түшсө,
Бекинчү жериң деди эле.
Кызыл-Кум болбой коноюп,
Манастан калган баанекти
Кандай жөнүн угайын.
Караан кылган жалгыздын
Астынан тозо чыгайын!» –
Деп, өшөнтүп, эр Бакай,
Адырга чыгып караса
Бала аманын кааласа,
Коен туяк колго алып,
Абасы Бакай карыя,
Анда-мында көз ачып,
Семетейди караса,
Дүңгүрөтүп жылкыны,
Түптүз тийип алыптыр,
Каспаңдын Кара-Талаада
Кумурскадай сан кара
Жайнап жатып калыптыр.
Өрттөнгүр малды көп алган,
Аз гана эмес, мол алган.
Дүбүртү асман жаңыртып,
Түгөнгөн малды көп алган.
Каарды катуу баштаган,
Чабалынын баарысын
Жолго кырып таштаган.
Кыйпыштанып кылкылдап,
Субайы жылкы баштаган,
Шыбыратып кулунду,
Сууга кырып салыптыр.
Шыңкылдаган каранды
Оорсок айдап алыптыр.
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыздап жүрүп чубама,
Чоң кырдан чыгып чубама,
Ал чубоого келгенде
Чубабай жылкы турбады,
Алып келген жылкысын
Абасы Бакай сынады.
Каарланып чамынып,
Картайганда зор Бакай,
Кайгы алдынан табылып.
Өкүрүгү таш жарды,
Кыйкырыгы баш жарды,
Капка-Ташка токтоду.

www.bizdin.kg



Каңырыгы бек түтөп,
Оболкуну жоктоду.
Мыктап салган немедей,
Жылкы артында Семетей,
Бакай канга токтоду.
Курган Бакай көп ыйлап:
«Курбулаш Манас көкжалым,
Өлбөй калгын – деп ыйлап.
Курбулаш Манас жан биргем,
Жан биргем сенден айрылып,
Тирик десе санда жок,
Өлдү десе көрдө жок.
Өкүрүгү таш жарып,
Бакайың турат сандалып.
Ошо Манас барында
Кыяматтай жер алдын
Ошондо көрбөй не болдум!
Кабылан көкжал барында
Ошондо өлбөй не болдум!
Жоо кырккырдын сакалы,
Жолборсумдан айрылып,
Жондо калар кезиңби?!
Кара болот зулпукор
Көөлөп турган кезимде,
Качыргандын баарысын
Жөөлөп турган кезимде
Козу боор курч найзамды
Боолап турган кезимде.
Кытай турмак кыйланы
Жөөлөп турган кезимде,
Тарыбай дүйнөм кеңинде,
Таалайлуу Манас ченинде
Мындан өлбөй не болдум!
Эриксе элик атканда,
Эрикпесе Таласта
Эркин ойноп жатканда.
Коштон кийип суусар бөрк
Ыргап турган кезимде,
Кошоктошуп эр менен,
Эсилим Манас шер менен
Жыргап турган кезимде
Мында өлбөй не болдум
Убаралаш Манас өлбөй кал,
Коюм бирге короолош,
Ашым бирге жороолош.
Береним Манас өлбөй кал,
Куудай сакал агартып,
Кузгундай көздү кызартып
Тозокту Бакай көрбөй кал
Башындагы суусар бөрк
Кимдер силкип кийбеген,
Кайраты колдо барында,
Ким күркүрөп жүрбөгөн.
Кайран жандын заарынан,
Какандын эли дүрбөгөн,
Чалыяр жетпес Бээжинге
Чабышып жатып каратып,
Улуксунган Калчаны
Уйпалаган кол эле.
Күткөн колун таратып,
Бээжинге бейпай салганда
Бээжинде бектин кыздарын
Белекке тартып алганда,
Ошондо өлбөй не болдум!
Ордолуу шаар чоң Бээжин,
Бээжинди бузуп билди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Кара көздөн миңди алып,
Атагым Бакай таш жарып,
Алдуу-күчтүү кезимде
Анда өлбөй не болдум!
Капкара шаар калдайды,
Камап турган кезимде,
Кара кытай, көп манжу
Калкын бөйдөй кууруп,
Сабап турган кезимде,
Кызыталак жалгандан
Канатым Манас барында,

www.bizdin.kg



Каза болбой не болдум
Ата, балам Семетей,
Жылкы албасаң куруп кет,
Кайнап жаткан кытайдын
Калкын кырып мал алган
Караан сендей болобу?
Сени жан деген киши оңобу?
Балам, туубай туна чөгүп ал,
Тирүү жүрбөй өлүп ал!
Арак ичпей, таш ичкин,
Аздык кылса кулунум,
Абаң Бакайдын канын кошуп ич!
Улуңту дыңша кытайга
Уруш кыла бардым деп,
Оолжуйсуң жөнү жок
Четте жаткан калдайдын
Жылкысын тийип алдым деп,
Айгыры жок, аты жок,
Кагышка минер бирөө жок,
Жылкың менен жылас бол,
Шайтанын айдап алыпсың
Жарым өпкө калдайга
Жаман жерден алдатып,
Эрен сендей болобу,
Сени эр деген кишинин
Эзелден иши оңобу?
Жакасында жайнаган
Битин айдап келипсиң,
Баарысы азоо тай, байтал
Итин айдап келипсиң.
Уктап жаткан калмактын
Уюн айдап келипсиң,
Коңулда жаткан калдайдын
Коюн айдап келипсиң.
Атышка минер аты жок,
Алып келген жылкыңда
Казатка минер бирөө жок!
Бул өңдөнтүп жылкы албай,
Куру келсең болбойбу,
Чабышып кара калмакка,
Чамам кетип калды деп,
Куруп келсең болбойбу!
Далай жылкы алдым деп,
Кубанчы сенде бар экен,
Курдашым Манас асыл шер,
Ташка сийген чак экен!
Манас туулбай өлүп кал,
Ушул айдап келген жылкыңды
Асыл балам, көрүп ал!
Эр арынан өлбөйбү,
Чиркин башка салганда
Түгөнгөн жигит көрбөйбү,
Бу жылкынын ичинде
Ашка*, тойго* минүүгө
Кылтылдатып жүрүүгө,
Кылыгы жакшы бир мал жок,
Жожура кылыч байланып,
Жердин жүзүн айланып,
Керишке минер бир мал жок.
Чап олоңун бек тартып,
Чабышка минер бирөө жок!
Күлчоро менен Канчоро,
Аттарын Мурадыл тийип алды эле,
Жөө айдасак баспастан,
Учкаштырсак батпастан,
Талаада жөө калды эле.
Абаң жылкы тиет – деп
Бизди көздөй сүрөт – деп,
Бир-бир тулпар күлүк ат,
Ит болбосо тиет – деп.
Ал экөөнүн тилеги,
Талаада ташка чабылды.
Үмүт кылган Семетей,
Уулум, сенден түңүлүп,
Бакайдын оозу жабылды.
Тең курбу экен, тең экен,
Тең курбудан айрылып,
Ушу турган Бакайды

www.bizdin.kg



Не түрдүү менде деди экен!
Желини карыш бээ алып,
Жетиптирсиң көөнүңө,
Кулун менен тай алып,
Кун кууган сендей болобу?!» –
Деп, өшөнтүп эр Бакай,
Кайгыланып күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп,
Сакалын жулуп ыргытып,
Мурутун булкуп ыргытып,
Алтын жаак айбалта,
Ач бөйрөккө таянып,
Асылым Манас өлбө деп,
Ак сакалы суюлуп,
Эки бет ылдый аккан жаш,
Абаң Бакай каргандын,
Акырек ылдый куюлуп,
Өлөйүн дейт жан таттуу,
Кирейин дейт жер катуу.
Карган Бакай абакең,
Капаланып жылкынын
Кутпа жак четин айдады.
Астына түшүп Семетей,
Эрдиги калың, эси жок,
Энөөлүгүн мындан бил,
Ала көөдөн эр неме,
Атасы Манас көкжалдан,
Артылта туулган шер неме.
Козголоң салган жерине,
Короодой чынар орногон,
Укумунан тукумун
Түбүнөн бери колдогон.
Ардай болгон Тайбуурул,
Асынганы Аккелте,
Кабарында бар бекен,
Аккелте жайы ушундай,
Анжыяндын ар жагы,
Амангендин быягы,
Кокон кандын колтугу,
Айдай Сары-Талаадан,
Алтымыш орус жер ченчи,
Атайы чыгып келгенде,
Кыраан Бакай абасы,
Элчи түшүп эчен күн,
Орус бербей турганда,
Баары катар жүрүшүп,
Сары тонун салышып,
Баары катар жүрүшүп,
Кулундарын ээчиткен,
Жайдак бээсин минишип,
Күн жаадырып сексен күн,
Кереметтүү Бакай карыя,
Керииштен алган Аккелте
Ойногондо Очогор
Чындаганда Койчагыр,
Артык темир Алмабаш,
Алтымыш күндө бузулбас.
Ооланын төрттөн толгогон,
Тиктеген жерге болжогон,
Оозунан бүркүп ок чыкса,
Эгерде тирүү койбогон.
Атасы Манас айкөлдөн.
Аманат калган Аккелте,
Асынып чыкса тим эле,
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого сундурса,
Аманат жандын эрмеги.
Манастын уулу көөдөктүн,
Далысында көрүнүп,
Колундагы Зулпукор,
Кайыбынан кабылган,
Атасы Манас асылга,
Алыска казат кылсын деп,
Медиян чөлдөн табылган.
Асмандан келген алты курч,
Кылычтын кылдуу мыктысы,
Манас алган Зулпукор,
Кыйкырып кындан чыгарса,

www.bizdin.kg



Кан ичпей куру жүрчү эмес.
Канга тоюп албаса,
Катса кынга кирчү эмес.
Таластын ары сеңирден,
Абыке, Көбөш эки арам,
Алып калган жеринен,
Каалап алып белек деп,
Как өзүмө керек деп.
Атасы Манас асылдан,
Аманат калган Зулпукор,
Талаш кылып Таласта,
Тартып алган Зулпукор.
Кылычы жанда кыңгырап,
Кызыл буурул сан жылкы,
Астын баштап Семетей,
Жүрүп барат зыңгырап,
Алтын жаак айбалта,
Айбалта жөнү мамындай:
Көмүрүнө чыдабай,
Кыйылып токой жоюлган,
Көөрүгүнө чыдабай,
Алман түшүп кыргыздан,
Букачар өгүз союлган.
Учун курч менен уланткан,
Белгилүү уста Бөлөкбай,
Бек имерип көп тиктеп,
Чапканы майып болсун деп,
Адамдын көз жашы менен
сугарткан.
Колундагы сыр найза,
Сыр найза жайы мамындай:
Окултунун түп ыргай,
Түбү менен жулдурган.
Аракка чыбык жез салып,
Байкуш уста Бөлөкбай,
Балбандарга бурдурган.
Желдүү калган жерине,
Тарамыштан таптаткан.
Сыртын желим ичирип,
Бил терисин каптаткан.
Колдон кокус тайыйт деп,
Тутам жерин кырдаткан.
Тутам жерин сырдаткан.
Темир курчу болоттон,
Учун учтап колоткон,
Муштаган жерден кайтпаган,
Таш муштаса бырт кирип,
Баткакка кирген немедей,
Таштан кайра тартпаган.
Муштаганда ийилген,
Сынып кетпей сыйпалгыр,
Чүлүк болуп билинген.
Сыр найза колдо балкылдап,
Дөгүрсөгөн кайран эр,
Короздой болгон кайран шер,
Тегеректеп сан жылкы,
Жыттап алган кези экен,
Өлүмдөн капар ою жок,
Оолжуган эр чиркин
Уктап алган кези экен.
Зың-зың этип кенебей,
Сыртымдан Калча келет деп,
Бучкагына теңебей,
Эрдик менен көөдөктү
Эгем таалам кабаттап,
Берген окшойт ченебей,
Сунган буту тартылбай,
Жумган көзү ачылбай,
Маа недиреп күүлөнүп,
Эңкейип кеткен эр манжу
Эми кайдан келсин деп,
Өзүнөн өзү сүйлөнүп,
Окоро түйгөн ак тизгин,
Омуроо чыккан күрөөкө,
Акканкыга чалды эле,
Алтын жаак айбалта,
Ортодон кармап калды эми,
Кийген тону Аколпок,

www.bizdin.kg



Аколпок жайын сурасаң,
Кайран катын Каныкей,
Энеси бейбак шуркуя эй
Орунбоор, Маргалаң,
Орто жери Самаркан,
Ошонун баарын чалдырган,
Кербенге чыккан буланы,
Такыр жыйнап кылдырган.
Каныкейдин кырк келин,
Кызыл көйнөк айча бел,
Кылпылдаган сулуудан,
Зордук менен алдырып,
Аркактарын олпоктун,
Ийик менен талдырып.
Ичин жибек иштетип,
Ишмекерге тиштетип,
Болот эгеп жиберип,
Ортосуна төктүрүп,
Бузулган жерин сөктүрүп.
Болоттон кылган шибеге
Жымылдата тиктирип.
Жылан боор бүктүрүп,
Кайыгында каранга,
Канча болот кыйраган.
Балбандар чыдап бербесе,
Зайыптар чыдап турбаган.
Арыптап октон сологон,
Кан Манастын казына,
Аколпокту жасаарда,
Булүнүп жаман корогон.
Алышкан жоого катылган,
Айбалта менен бир салса,
Он эки мылтык атылган,
Ажалга өзү чатылган.
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Ээлигип кийип алганда,
Манастын уулу эр чиркин,
Он төрт атын байлаган,
Орто Кең-Кол жайлаган.
Атыша чыга жоо келсе,
Алдыга салып айдаган.
Ачуусуна тийгенди,
Азуугa салып чайнаган.
Кийген тону Аколпок,
Топчулугу бир тогуз,
Топчулугун чыгарып,
Бүчүлүгү бир тогуз,
Бүчүлүгүн чыгарып,
Төшүн жайып кенебей,
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Тегерегин карабай,
Мерт болорун санабай,
Алп уйкуну салды эле,
Атайы уктап калды эле.
Чоң уйкуну салды эми,
Чочубай уктап калды эми.
Алагай көзү жумулуп,
Уйкуга көөнү бурулуп,
Теңселе тартып былкылдап,
Уктагандын белгиси,
Колундагы Сырнайза
Ары-бери кылтылдап,
Таш өбөктү салды эми,
Талыкпай уктап калды эми.
Коңурук тартып баркырап,
Канкордун уулу Семетей,
Жылкы алдында кебелбей,
Уктап барат жалтырап.
Жылкы алдында Семетей,
Уктап алган көөдөктү,
Муну мындай таштайлы,
Эми кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Келберсиген доңуз ай,
Айзакерден ыктуу кул,

www.bizdin.kg



Өзү жоонун айласын
Ашкере билген мыкты кул.
Бөлүнгөн бөксө жол менен,
Бөрү чубама жон менен,
Артындагы Бакайдын
Кын-кыңынан чалыптыр,
Ат алдында Семетей
Уктаганын Коңурбай
Эчак көрүп алыптыр.
Алтындан чылбыр жулкунтуп,
Алгара менен булкунтуп,
Кулду Кудай берсе деп,
Бута атым жерден көрсөм деп,
Очогор оңдоп алсам деп,
Ойронду мыктап салсам деп,
Коңурбай жайын сураба,
Көгала сакал чоң манжуу,
Кийген тону көк күбө,
Ок өтпөгөн бек күбө.
Ааламдын баарына
Атышка кирсе Коңурбай,
Салат экен аңгеме.
Кутургурдун Кара аты,
Куушкан колго келгенде,
Кыла жүргөн адаты.
Булгаары тердик бурма бел,
Буруксуган чоң Калча,
Түлөгөн жору каштанып,
Коңурбай жайы мамындай,
Алгыр бүркүт баштанып,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Чапчышкан жанды жегендей,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Кезигип менде алабы,
Кез болгон тирүү калабы.
Оңой Калча бул эмес,
Муну менен адам ойноор кул эмес.
Бек айза кармап белсенип,
Жин ургандай теңселип,
Көп жылкыны алгалап,
Калган экен Коңурбай,
Бөрү жолду жакалап.
Көз үстүндө кара каш
Бөктөрүлгөн чапандай.
Коңурбай жайы ушундай.
Бу дүйнөдө көзү ачык,
Өлсө дагы сөзү ачык.
Атка сынчы эр билгич,
Каран калган Калчанын
Кай кылыгын айталы.
Мына ошондо Коңурбай,
Каар мыктуу көркү бар,
Канчаны кырган каркыбар,
Ичсе канга тойбогон,
Салышса жанды койбогон,
Таштан курган там ошол,
Манжуулардан Коңурбай,
Башкача тууган жан ошол.
Эр экени эпсиз эр,
Бээжинге тууган кара шер.
Бекитип балта байланып,
Улуңту, Дыңша, Кең-Тунду,
Угуп муну ойлонуп,
Айтарга кеби кеч болуп,
Семетейди көрүүгө
Бир беттешип өлүүгө,
Келген экен Коңурбай,
Жоо-жарагын аркалап,
Жалгыз жолду бакалап,
Акылы айран бөлүнүп,
Абайласаң чочконун,
Арыслан түрү көрүнүп.
Бурулуп кеткен муруту
Өтөккө чыккан чалкандай,
Канжасына турган кир,
Ойноп-күлүп жаш балдар,
Көөлөп жеген талкандай.
Жаяндай басып бөлүнүп,

www.bizdin.kg



Жалаңкыч сыны көрүнүп.
Күркүрөй басып бөлүнүп,
Күрдөлгөн түрү көрүнүп.
Ач арсландай көздөнүп,
Алуучу жолборс төштөнүп.
Астындагы Алгара,
Баскан сайын ыпылдап,
Төрт аягы жөн эле,
Жерди бузуп тыпылдап.
Торала желек булгалап,
Коңурбай жайы ушундай.
Кезеңчинин белине
Келип жетти Коңурбай,
Семетей чыкчу жерине.
«Кулду Кудай берер деп,
Куйган темир болсо да
Бүгүн менден өлөр» – деп.
Алдындагы чынарга
Алгара чалып илди эле.
Алачыктай кумай таш,
Аркы түбү чуңкурчак,
Адис белем эр Калча,
Ошону карап жүрдү эми.
Басып чыкты байпайып,
Келип жетти заңкайып,
Айдалыда Очогор,
Очогорун колго алып,
Оозун карап ал Калча,
Олоң этип бир тиктеп,
Опсуз кирдеп калды деп,
Арткычы артык жез сүмбө,
Очогорго урду эми.
Талыкпай кармап тарткылап,
Семетей жакын келгиче,
Ашпай-шашпай ал Калча,
Тазалап ичин арткылап,
Кыргы менен кыргылап,
Ургу менен ургулап,
Сүмбө менен сүмбөлөп,
Тарткы менен тартты эми,
Талыкпай ичин артты эми.
Ичи таза болгон соң,
Кутудагы дарыны
Кур дегизе куйду эле,
Окчонтойдо зор окту
Очогордун ичине
Кылдырата урду эле.
Бат атарын чойгулап,
Кадимкидей жез сүмбө.
Зыкылдатып койгулап,
Чарадай болгон кумдагын
Астында ташка каккылап,
Кокус чунак көрөт – деп,
Кийин тартып чалкалап.
Кулактан кузгундай түшсө дарыны
Кырмак менен талкалап.
Эр экенин билгизди,
Эселек кулду көрдүңбү,
Уктап калды күйдүргү.
Жай-жарагын шайланып,
Олоңдогон чоң Калча,
Очогорго камданып,
Кытай оттук боор таш,
Кырып ийип чок коюп,
Ал Очогор карандын
Милтесине от коюп,
Алачыктай кара таш
Арта салып эр Калча,
Атайы карап турду эми,
Уктаган жанды атууга
Калчаны Кудай урду эми
Безеленип-белсенип,
Берендин жайын сурасаң,
Бери ургандай теңселип,
Бекем уктап алыптыр,
Белеске чыкса жедим деп,
Коңурбай аңдып калыптыр.
Алөөкөнүн Коңурбай,

www.bizdin.kg



Бу дөйнөдө көзү ачык,
Өткөрө сынчы даңгыл эр.
Балага моюн бурду эми,
Семетейди көргөндө,
Көңүлү бошоп турду эми:
«Алда, балам, кантейин,
Телегейи тең экен,
Өзүң Шай колдогон шер экен
Жылкы айдаган адырмак,
Менин талаам болсочу,
Кара буурул ат минген
Кайкалаган кан чычкыр,
Алда, буркум, кантейин,
Менин уулум болсочу!
Бул өзөн кең кабактан
Булак калган экен го,
Кыямат кеткен Манастан
Өзүнөн кыйын айбаттуу
Туяк калган экен го,
Артындагы Семетей,
Чунак калган экен го.
Ата, сан жыйылган топ экен,
Жумуру баштуу менденин
Көрдүм эле далайын,
Мындай неме жок экен!
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар шер экен!.
Сол далысы кең экен,
Кытайды кырчу шер экен
Жалгыз келип жылкы алып,
Жапаны салды бу жерге,
Бу кылыгы эп экен!
Беттешип менде алабы,
Бет алган тирүү калабы,
Эки беттин ортосу
Күйгөн кызыл чок экен,
Ай маңдайы каарлуу
Бузулбай тийген ок экен,
Канкоруң Манас уулундай
Мендесинде жок экен!
Муну айзалап адам жеңеби?
Айбаты менен каарына
Адам чыдап келеби?
Капырай, кара чаар кабылан,
Капталында чамынат!
Чолок чаар көк арслан,
Оозун ачып, тил сунуп,
Оң жагында камынат,
Алп кара куш – зумурук
Алып кетчү немедей,
Арбайтып бутун сунуптур,
Колдогону бир бөлөк,
Кош колдоп колдоп туруптур.
Аты Кызыр дубана
Элестеп көзгө көрүнүп,
Алган экен Буурулду,
Суулуктан кармап жетелеп.
Алмамбет өңдүү бир адам,
Чубак өңдүү бир адам,
Арага алып экөөлөп,
Ажыдаар ак жылан
Калган экен баатырдын,
Бет алдында жетелеп.
Телегейи тең экен,
Теңдештүү Манас баатырга.
Манасынан бул бала,
Карыш, сөөм, төрт эли
Аябаган шер экен.
Кызыталак буруттун.
Бурут деген журттун,
Ырысына туулган
Темирден коргон чеп экен.
Карагулдун сакалын,
Алгаранын куйругун
Такыр жулуп алганы,
Чунактыкы эп экен.
Баатырлыгы башкача
Кайдан чыккан көйкашка?!

www.bizdin.kg



Кара болот Зулпукор,
Каканды көздөй көтөрүп,
Кытайды көздөй бет алса,
Кыргын салчу уул экен.
Күрмө кийген күчтүүнү,
Байлап салчу уул экен.
Күн алты күн салышса,
Каканчынын Чыма-Чын
Бары-жогун талкалап,
Айдап салчу кул экен.
Бу каары күчтүү балага,
Карапжысын калдайтып,
Кандын алы жетеби!
Күрсүлдөгөн чунакка,
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күчтүүнүн алы жетеби,
Баатырсынган манжууну,
Байлап алчу кул экен,
Өлгөнүнөн калганын,
Жаке, кулдук! – дегизип,
Айдап алчу кул экен.
Бээжинди көздөй бет алса,
Капканын оозун кан кылат.
Кармаша чыккан балбанды,
Жерге ыгырып кан кылат.
Каршыга балбан барабы,
Катылган тирүү калабы?
Майданга балбан барабы?
Басташкан тирүү калабы?
Жекеге адам барабы?
Жендирбей тирүү калабы?
Бу балага не чарай
Кайран катын Каныкей
Кара жолтой уулду,
Тууган экен бечара ай!
Азар түмөн кол болсо,
Бээжинди көздөй жол алса,
Бейпайды чогуу салат, ээ,
Бээжиндеги беренсинген бектерди,
Тирүү байлап алат, ээ
Жетиктеп белин курчанат,
Жер майышкан кол болсо,
Жеке өзү кол салат.
Ушу, кыргыз, кытай эл болуп,
Кыр-Кайың болбой консочу,
Кызыталак Семетей
Менин уулум болсочу.
Телегейи тең экен,
Ата, балам, шер экен,
Акыл жактан кем экен.
Акыл, эрдик тең болсо,
Сөлөкөтү-сөлбөтү
Так ушундай эр болсо
Андан кийин бул бала,
Ак марал кууп, уй кылат,
Алышкан жерди буй кылат.
Кытай бир түгүл кылымга,
Кызталак бала чуу кылат.
Көк марал айдап уй кылат,
Көздөгөн жерин буй кылат.
Манжуу турмак башкага,
Бадирек бала чыр кылат.
Мендеси азар салбаган
Он сегиз миң ааламда
Муну менен тең болуп,
Укурук кайрар калбаган,
Канкор шерден туулган,
Кытайга бүткөн чуулган,
Кайыр айткан оңобу,
Мендеде мындай болобу.
Кагышты катуу салсам, ээ!
Балбандарды каптатып,
Эптеп байлап алсам, ээ!
Бээжиндеги кырк шуркут
Алпарып айгыр салсам, ээ?
Каканчынын канына
Ушундан тууган уулду,
Кан көтөрүп алсам, ээ!

www.bizdin.kg



Ошондо канар эле арманым.
Кантер эле салмагым,
Белгилүү экен беренең,
Мендеден артык эр экен.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.
Карап койсо карын ток.
Качырган жагы кызыл от.
Азар түмөн жоо келсе,
Айгайлаган доо келсе,
Кынап берчү жан экен.
Былкылдак куудай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Мыктап алты ай салышка,
Чыдап берчү уул экен.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаның чыккан баланын,
Эрдиги эпсиз шер экен,
Жоо болбостон балага,
Дос болучу неме экен.
Дегенине көнсөм, ээ,
Ушу бала тил алса,
Атаң Манас куну деп,
Чет-Бээжиндин кандыгын
Эли менен берсем, ээ
Калың элге кабарды
Сала турган уул экен,
Кан көтөрүп Бээжинге,
Ала турган уул экен!
Тилге келсе бул бала,
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Беребжинди байлантып,
Беш-Бээжинди айлантып,
Карыпжынды байлантып,
Кандын баарын айлантып,
Калдай кылчу уул экен,
Чоң-Бээжиндин канына,
Ылайыктуу уул экен.
Кара кырды как жарып,
Калыс болчу уул экен.
Калың элди тең көрүп,
Адил болчу уул экен.
Ата, көкжал жалгызы,
Жаралып жандар келеби?
Бу баладай мендени
Жакында жасап береби?
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келберсиген кара көз,
Бөрүнүн уулу уул болбойт,
Талаага айткан ушул сөз.
Каңырыгы бек түтөп,
Чолпондой бала көрүнүп,
Ал баланы көргөндө,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Кабагын түйүп, баш чайкап,
Кайгырып Калча аттанып,
Ителгидей кайран көз,
Ирмебестен жаш алып,
Жаш ала турган себеби:
Каканга коргон болдум деп,
Кагышып жүрүп эл менен,
Талаага кеткен экемин,
Алынып канча шер менен
Баласыз өткөн экемин.
Мен, Коңурбай, мен элем,
Белгилүү тууган шер элем.
Шорлонгон экен тууганда,
Мени баатыр Калча кылганда,
Алтыга жашым келгенде,
Каарды катуу баштадым,
Кармаша келгенде,
Кармаша кетчү балдардын
Баштарын үзүп таштадым.
Жетиге жашым келгенде
Айза кармап топ буздум.

www.bizdin.kg



Алп Коңурбай дегизип,
Атагын жарып көп элден
Кана чыккан мүйүзүм.
Сегиз жашка келгенде
Калдайларды камадым,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн сабадым.
Эрдиги өттү мынчалык,
Эсимде андай чама жок,
Каны болуп кечилдин,
Карасам эркек бала жок.
Эрдигим кыйын, чамам жок,
Эстесем эркек балам жок!» –
Деп, ошондо Коңурбай,
Көк күбөсүн жамынып,
Жаны кайнап өрт болуп,
Көк жолборстой чамынып,
Туурага салган там,
Туу таянган чочконун
Тутамга келбей кайран жан,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Эр экени белгилүү,
Эрдиги журтка билинген.
Артык кыйын Калча деп,
Бээжиндеги кытайдын
Даңсасына чийилген.
Кагышкандан кайтпаган,
Камбыл-Калча эмеспи.
Канча жерди буй кылган
Даңгыл Калча эмеспи.
Айбаттуу нечен эр көргөн,
Айкырган нечен шер көргөн.
Жеке жети ай салышып,
Нечен кыйын эр көргөн.
Атбороюн сыдырган,
Ай-ааламдын баарысын,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Айландыра кыдырган.
Берендиги белгилүү,
Чоң-Бээжиндин шаарынан
Коңурбай аттуу кан чыккан,
Добушунан жан чыккан.
Мына ошондо Коңурбай,
Асты аянып калбады,
Семетейге оңтойлоп,
Очогорду кармады,
Алөөкөнүн эр Калча
Атпай карап калбады.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны чоң манжу
Очогор оозун бурду эле,
Семетейди карата,
Оңурайта сунду эле.
«Дүнүйөдөн өтүнүп,
Дагдаңдатып көөдөндү,
Такыр койгон чечинип,
Атасы Манас эр көкжал
Бул Алтайда туулган,
Он экиге келгенде,
Он жолу чаап Бээжинди,
Бизге салган чуулган.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Эр Манастын тукуму
Маа жакшылык кылабы?
Баласын аяп отуруп,
Мени Кудай урабы?!
Доо аяган каралуу,
Жоо аяган жаралуу.
Баласы баатыр экен деп,
Байартең карап турамбы?
Бурутту аяп арада
Мени Кудай урабы?
Алтымыш жаны болсо да,
Кыямат жүзүн көрөр деп,
Кызталак жетим өлөр деп,
Ыраазы болгун кулунум,
Күйгөндөн айткан кебиме,
Бара койгун бадирек,

www.bizdin.kg



Байыркы атакең кеткен жерине» –
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Мергендикке тазасы,
Бет алганда капырдын
Белен турган машасы,
Үйдөй болгон кара таш
Алөөкөнүн Коңурбай,
Арта салып урду эле,
Очогор кетти тарс этип,
Эми Семетей жат деди.
Оозунан огу кетерде,
Семетейге жетерде,
Коңурбай басып каларда,
Кайран Буурул жалт деди.
Буурул ат булт койгондо,
Очогор огу көкжалга
Калпыс тийип калганы,
Калпыстыгы көп эмес,
Калпыс тийип алганы.
Очогор тийип төшүнө,
От чагылып көзүнө.
Ай карарып түн түштү,
Семетейдин башына.
Ажал орду күн түштү.
Бөлүнүп мурут бириндеп,
Ок тийген жерден кара кан,
Оргуп чыгат зирилдеп,
Манастын уулу Семетей,
Кыйын дартка жолукту,
Кыямат кетчү немедей,
Чама чарчап, ал кетип,
Көөдөндөн кара кан кетип,
Эки колу шалактап,
Эки көзү алактап,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээринен арты бултайып,
Таноо башы саргарып,
Бакайга кайдан угулду,
Бала төрө эр чиркин,
Арбуурулдан жыгылды.
Боортоктоп сулады,
Эр Манастын жалгызы
Аткан жерге кулады.
Көрсө көөдөн дүркүрөп,
Тоодой болгон эр чиркин,
Тоголонду күркүрөп:
«Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Кара кылган чоро жок,
Айлалуу Бакай абам жок.
Ажал ушул турбайбы!» –
Деп, ошентип Семетей,
Каарланып күйүнүп,
Семетей турду кайран жандан түңүлүп.
Эстен бала кеткен соң,
Алтындан тизгин булкунтуп,
Карганда алдым кулду – деп,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Балага барды жулкунтуп.
Эң сүйүнүп бакырып,
Беренсиген чоң чочко
Бээжин деп ураан чакырып,
Каарланып бакырып,
Карасаң мындай Коңурбай,
Какандап ураан чакырып.
Баланын башын алууга,
Кастарын тикти Коңурбай,
Курмандыкка чалууга.
Башын кесип байланып,
Бээжиндеги канына
Сүйүнчүлөп баруута,
Мына өшөнтүп Коңурбай,
Кара болот нар кескен,
Кармай калып сабынан,
Сууруп чыкты кабынан.
Каарланып бакырып,
Кылычты колго ала албай,

www.bizdin.kg



Чыккан күндөй балага
Асты колу бара албай,
Каарланбай тим жатты.
Каканга алып кетчүдөй,
Кармай калып баланы,
Ары-бери оолатты.
Бери карай оонатса,
Берендик сыны көрүнөт.
Беренди кантип кыйдым деп,
Белгилүү манжуу Коңурбай
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Ары карай оонатса,
Айдай бети бөлүнүп,
Ата, чиркин, кантем деп,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Акылы кетип бөлүнүп,
Туура эсебин таба албай,
Турган экен кол барбай,
Семетейди эр Калча
Атайы каалап чаба албай,
Кандай кылар акылын,
Кайран Калча таба албай,
Мына ошентип турганда,
Кабарында бар бекен,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын Алмамбет,
Алакеңдин өзүнөн
Карарган кара көзүнөн,
Белестен агар булагы
Берен Алмамбеттин чунагы.
Атка катар жүгөнү,
Атакеси Алмаңдын
Артында калган күмөнү
Тоюна токсон сойдуруп,
Атын Күлчоро койдуруп,
Мойнуна тумар тактырып,
Каныкейге бактырып,
Карап жүргөн Күлчоро,
Табылгы чыгар колоту,
Семетейге чоң жолдош,
Таптап койгон болоту,
Астына жүрсө ак жолу,
Айдап жүрсө сан колу,
Кыдырып учар канаты,
Кыйын мүшкүл балаадан,
Ажыратар адаты.
Тай, кулундай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Эски арыктын укуму,
Эсилиң Алмамбеттин тукуму.
Жөө айдаса басбастан,
Айдай Сары-Талаага,
Аманат калган Күлчоро,
Ааламдан баатыр чамасы,
Канзааданын баласы.
Өчкөн отун тамызчу
Өлчөөсүз баатыр эрени,
Өлгөн жанды тиргизген,
Жоо бөрүсү берени,
Жылкынын бери бетинде.
Жоон орто четинде,
Кабарында бар бекен,
Кызыр чалган жол болуп,
Кылымдын баары козголуп,
Олуят баштап жол толуп,
Он эки түмөн кол болуп.
Идерлүү жигит, күлүк ат.
Булардын баары козголуп.
Берен Манас тушунда,
Бек уруп болуп ушунда.
Бээжинге казат салганда,
Сулайман тийбес Бээжинге,
Сурак алып кайрылган,
Искендер тийбес Бээжиндин,
Ичине кирип кайрылган.
Кайра бери тартарда,
Эр бер жакка кайтарда,
Эрендерден айрылган.

www.bizdin.kg



Музбурчак, Көкчө кан өлгөн,
Керишинде Бээжиндин,
Кез болгон жандын баары өлгөн.
Албан түрдүү алп өлгөн,
Алышкан менде жалпы өлгөн.
Бээжиндин каны Коңурбай,
Мураазына жетиптир,
Эр Көкчөнүн Көгала,
Олжо болуп ал чочко,
Оңолбогон Калчанын
Колуна түшүп кетиптир.
Капталынан жылкынын
Күлчоро чыга калды эле
Койттоп үнду салды эле.
Кулунун көргөн немедей,
Эр Көкчөнүн Көгала
Окуранып, окшоңдоп,
Чорого жетип барганы.
Бугудай мойнун буруптур,
Буудан экен Көгала,
Күлчорого жаныбар,
Мойнун тозуп туруптур.
Эсил бала Күлчоро
Жайнаган кызыл чок эле,
Жан жаратып ал өңдүү
Жакында бербейт дегеле.
Телегейи теңеле,
Чоролук аты болбосо,
Карыш сөөм, төрт эли
Семетейден эр эле.
Күлчородой беренди
Жаратып бербейт деги эле.
Көкжал экен Күлчоро,
Көкчө кандын Көгала
Ээгинен эптеп чалды эле,
Жаның чыккан жинди кул
Жайдак минип алды эле.
Эки жагын каранып,
Эрди, мурдун жаланып,
Тегерегин каранып,
Темингенден жаралып,
Тим турбай кирип келди эле,
Буулугуп калган чунагың,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Тиштерине таш таппай,
Бузарына баш таппай,
Көгала минип кутуруп,
Ээр белдей белеске,
Капыр бала Күлчоро,
Чыккан экен жутунуп.
Чыга калып караса,
Калк аманын кааласа,
Кара тобот тон кийген,
Кара тоодой ат минген,
Узун бойлуу, кең далы,
Учуга чеккен көк өтүк,
Зордугу тоонун теңиндей,
Эми анчалык болбосо,
Абакеси Семетей
Тирүү койбой жегидей,
Чоң өтүгү чойкоюп,
Короздой мойну койкоюп,
Көк айнек көзгө балкылдап,
Көөкөрдөй болгон чоң кисе,
Оң жагында шалпылдап,
Жолум үйдөй башы бар,
Сексенден артып токсонго,
Кирип келген жашы бар,
Ополдой болгон бир адам,
Оодарып жатат абасын,
Чиймек болгон сызыкты,
Кылмак болгон кызыкты,
Ачылтмак болгон жараны,
Арбытмак болгон балааны.
Тоголотуп чаба албай,
Семетейдин айласын,
Көзү кыйып таба албай.

www.bizdin.kg



Муну көрду Күлчоро,
Адамга түшпөс чоң мүшкүл
Шумду көрдү Күлчоро.
Кабырганын сөөгү,
Караганда баланын
Кат-катынан бөлүндү.
Карап байкап туралбай,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
«Атышты арбын салайын,
Абакеңдин сөөгүн,
Арам өлгөн кытайдан
Ажыратып калайын!
Өлбөй эсен жүргөндө,
Не муразга жетейин.
Каран калган каныма,
Каран күн абам жанына,
Курман болуп кетейин!» –
Деп, өшөнтүп Күлчоро,
Айза, кылыч, балта жок,
Ансыз барар айла жок,
Алмаңдын уулу эр чунак,
Ай-ааламды буй кылган
Атышка кыйын шер чунак.
Бала тапан башкача,
Баатыры кыйын көйкашка.
Семетейди көргөндө,
Бар дүмөк түштү бу башка.
Каарланып чунайгыр,
Кайыңды кармай калды эле.
Дүмүрөйтүп арбайтып,
Түбү менен кайыңды,
Чокмор кылып колуна,
Ала койду дардайтып,
Жоо бөрүсү ыктуу кул,
Жоонун айласын
Ашкере билген мыкты кул.
Ал чокморду колго алып,
Астындагы Көгала
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Каарланып бакырып,
Канкор Манастап ураан чакырып,
Бакырыкты укканда,
Оюп карап жүргүчө,
Ондонуп атка мингиче,
Ылаачындан ыктуу кул,
Шамдагайы болжолсуз,
Шартылдаган мыкты кул.
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде Калчаны.
Кайыңдан кылган чоң чокмор,
Кармай калып имерди,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Өпөңдөп Калча качкыча
Ары жагында мойнокту
Эптеп-септеп ашкыча,
Желмогуз бала Күлчоро,
Жебеден мурун жетти эле,
Жетип салып өттү эле,
Көөкөрдөй болгон шуру таш,
Чокмор туура тийгенде
Быт-чыты чыкты быркырап.
Малакай кара туулга,
Башынан учту зыркырап.
Дүмөктү түптүз баштады,
Акканкы ээрдин арткы каш
Үзө чаап таштады
Жана чокмор имерди,
Эки далы орто деп,
Жана салып жиберди.
Таамайлап туруп үч салды,
Шамдагайы болжолсуз,
Кийинкисин күч салды.
Көгалага камчы уруп,
Түп этектен аларда,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарарда,

www.bizdin.kg



Узатпай жетип алар деп,
Коңурбай көрүп күйүндү,
Мөндүдөн башка кеп айтпай,
Бек жанынан түңүлдү.
Жана жетип каларда,
Жана жетип Күлчоро,
Дүмөккө кызык саларда,
Атка сынчы Коңурбай,
Айласы толук доңуз ай
Кылчайып кулду караса,
Астындагы мингени
Оорчун журт буруттан
Олжого түшкөн Көгала,
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Карарган кара көзү экен.
Үстүндөгү куу чунак,
Жан койбоочу кези экен.
Бу Көгала чочконун,
Азыйын санап келгенде,
Алтымышка толду эле.
Арып-карып өрттөнгүр,
Алтымыш азый болду эле.
Атка сынчы эр Калча
Айласын таппай шашты эле,
Алгарадай тулпарын
Моюн түпкө койгулап,
Өргө сала качты эле.
Өр таянып барганда,
Узун кулак шалпылдап,
Жээрендей чуркайт Алгара,
Жерге кирген Көгала
Жетпей калды далпылдап.
Ачуусу келип Күлчоро:
«Согончогуң бир тутам,
Чочкого чалыш экенсиң.
Бейбелчегиң бир тутам,
Бекене чалыш экенсиң!»
Алаша моюн ак шамшар,
Мына ошондо Күлчоро,
Кынынан сууруп алды эле,
Ал Көгала бууданды
Кыбыланы баштантып,
Артык балбан, зор неме
Кулагы менен көкүлүн
Кошо кармай калды эми.
Атакем Манас жолу – деп,
Коборуп туруп чалды эле.
Жыкпай туруп жыластын,
Башын кесип алды эле.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Жаадай учуп Күлчоро,
Жаны калбай жүгүрүп
Абасына барганы.
Семетейди караса,
Айбалканын сөөгүнө
Жандай тийген огу бар,
«Жаманыңдан кезигип,
Абакем, сенин шоруң бар.
Каралдым абам өлөт бейм,
Кайра тартпас чын жайды
Кокуй, абам көрөт бейм!
Басташып келген калмакка
Басымча кылса жаманат,
Бээжинден барып беттешип.
Берендер өлдү дедирбей,
Берени абам, ала жат!
Кичинемден эркелеп,
Каныкейдин жанында
Жаяны кесип жечү элем.
Жанымда болсоң абакем,
Жаң-жуңду бузам дечү элем.
Курсагым ачып келгенде,
Казыны кыйып жечү элем.
Кыраанымабам барында,
Калдайды бузам дечү элем.
Карааныымдан айрылып,
Белде калар бекемин.
Как эткен бир карга жок,

www.bizdin.kg



Куркулдап учкан кузгун жок,
Чөлдө калар бекемин
Тоо бойлоп чыгат карагат,
Томсортпой абам, ала жат!
Ок тийгенге оолжуп,
Ойрон абам, өлбөй кал,
Бул өңдөнгөн шумдукту
Мендесине бербей кал!
Кара жаак айбалта,
Кайкалатпай ким аштайт?
Кадырман көзүң жумулса,
Калың аргын, көп кыргыз,
Тентитпей муну ким баштайт?
Абаке мындай болбочу,
Эстенип өйдө ойгончу,
Кармап минер буудан жок,
Кара кылган тууган жок.
Таласка сайган багың жок,
Талымсып жатар чагың жок.
Кең-Колго тиккен багың жок,
Керилип жатар чагың жок.
Бүтүн кундуз терисин
Жара тилип алышкан,
Багалекке салышкан,
Мындай Кадыр күнүң жок,
Каалаганда бу башка,
Кадыр түн өңдүү түн барбы,
Талымсып, оолжуп жатуучу
Таластагы күн барбы?» –
Деп өшөнтүп Күлчоро
«Мээнет энем Каныкей,
Белекке берген күлазык,
Кайран энем кадырлап,
Чий шамды чалдырган,
Мындан дары алдырган.
Кол башындай күлазык.
Ааламга жетер мол азык.
Күлазык жайын сурасаң,
Аалам жерди каратып,
Алып турган кезинде,
Атыша чыккан жоо болсо,
Беттешкенде бейпайды,
Салып турган кезинде,
Кокондогу кожону
Коргоп турган кезинде,
Ааламга аким бир болуп,
Жыргап турган кезинде,
Жеткилең катын Каныкей,
Кара сурдун сулуусу,
Ургаачынын нурлуусу,
Кең кейноктүн тазасы,
Ургаачынын башаасы,
Кереметтүү бейтаалай,
Берендиги момундай,
Жекейбоз тон кийгизип,
Желмаянды мингизип,
Аалам жерди кыдыртып,
Мисир менен Багдаттын
Орто жерин чалдырып,
Ошондон берки дарыны
Атайы каалап алдырып,
Ичсе суусун кандырып,
Арасына дарынын
Эбеп-себеп дарыдан,
Күлазыктан салдырып,
Кереттүү катын Каныкей,
Керемети мынчалык,
Бээжин калкы калың журт,
Көптүгү арбын кара курт,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Дагдырга жоктур чама деп,
Кармаша кетип кокустан,
Жаңжалдашса окустан,
Өйүз-бүйүз турушса,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушса,
Жоонун огу дыркырап,

www.bizdin.kg



Тийген жери быркырап,
Кан төгүлсө шыркырап,
Билбей койсо окустан,
Абайлабай кокустан
Ал-кубаты кетет деп,
Дене-бойдон кан кетсе,
Ажалы бөөдө жетет деп,
Жети имерип толгогон,
Жетимдерге болжогон.
Белди бекем буурда,
Бээжиндеги Калчадан
Манастын кунун куурда,
Тозо чыгып кабыштап,
Берениң эне Каныкей,
Белекке берген табыштап.
Ал дарыны Күлчоро
Уйбаш кара жанаяк,
Кулазыкты омкоруп,
Жанаякка салды эле.
Алты, жети аяк суу
Чайкап ичип алды эле,
Ооруган жарат басылып,
Ордуна келди Семетей
Умаштай көзү ачылып.
Ачылганы курусун,
Жаранын оозу оюлган,
Сөөк менен эттин ортосу
Огу токтоп чоюлган.
Алапайын табалбай,
Абам кандай болор деп,
Алмамбет уулу Күлчоро
Аң-таң калып турду эле.
Олуячалдын эр Бакай
Семетейди көрдү эми,
Мурутун булкуп ыргытып,
Сакалын жулуп ыргытып,
Эрдигиң бар, эсиң жок
Эселек уулум, кантейин!
Кара адырмак, Кара-Кыр,
Барса келбес мына бул,
Кеңешпей ашчу бел эмес.
Кара курттай көп кытай,
Кармап алчу эл эмес
Боз адырмак мунарык
Болжоп ашчу тоо эмес,
Кечилдин каны Коңурбай,
Коңурбай оңой жоо эмес!
Көөдөк балам Семетей,
Айтпадым беле мен бая,
Укпадың беле сен жана!
Бул Бээжиндин бөксөсү
Кечилдин каны эр чочко,
Өзү чалган жол эле,
Биздин айкөл Манасты
Алты алдаган кул эле.
Кез болгонго кезикпей,
Кешигиң мындай катарбы?
Жолугарга жолукпай
Жолуң мындай катарбы?
Ушул турган Чоң-Бээжин,
Казылуу жаткан ор мында,
Кайнатып койгон шор мында.
Бекип жаткан бели бар,
Бел байлаган жери бар.
Кабар кылса кандары,
Каптоочу кытай эли бар.
Өткөрөр кытай эли ошол,
Аларман Калча эри ошол.
Бөлүнгөн бөксө жол менен,
Кайраты кыйын канкор ит,
Аңдып келген кези ошол.
Мунарык болуп бурчтанган,
Булуңгур болуп учтанган,
Чериктүү кытай эл ошол.
Каарына алганда,
Каптап кетчү сел ошол.
Канкорум Алмам дагы бар,
Качпай алты ай салышып,

www.bizdin.kg



Кайгуулун чечкен кытайдын,
Кайран Бакай мен ошол.
Боз дөбөчө чаңгыл тоо,
Болжобой чыкчу тоо бекен,
Кечилдин каны чочкого,
Кенебей келчү жоо бекен.
Бакылдатып сабаган,
Бар дүйнөсүн талаган,
Маргаландын эли эмес,
Кордоп жүрүп чыр салган,
Кокондуктун эли эмес,
Кумурска көр, куртту көр,
Куртчалык кытай журтту көр,
Көөдөндө калган көп арман,
Ушундай болот шум жалган,
Топон суу жетпей Бээжинге
Сегиз жүз түтүн үй калган.
Мындан мурун кылымда
Кур төгүлгөн Бээжинге
Азирети Аалы-шер
Аламын – деп чыр салган,
Албан түрдүү кол барган,
Айкайы кулак тундуруп,
Аз гана эмес, мол барган.
Чымачынга, Каканга
Салган экен чоң жаңжал,
Акылман каны урушпай,
Каканчы аман да калган.
Кол белүнүп Бээжинге,
Катын алып ал жерге,
Кабарын уксаң дуңкана
Калган экен туркана,
Көөдөндө бар көп арман,
Ушу турган Бээжинге,
Көп киши салган чоң жаңжал,
Сурасаң таап аларсың,
А да кыргыз тукуму
Салаалык деген эл калган.
Чабышып чама жетпеген,
Кызыталак кытайдан
Кырылбай менде кетпеген.
Керишип кеңеш жетпеген,
Нур төгүлгөн Бээжинден
Кезиккен аман кетпеген,
Эч кимдер сурак албаган,
Урушкан тирүү калбаган,
Оюн Бээжин жер эмес,
Кечилдин каны Конурбай,
Оңой-олтоң эр эмес.
Кечээ кабылан Манас каным бар.
Бээжинде өсүп чоңойгон
Кан Алмамбет дагы бар.
Алышса адамдын алы жетпеген,
Акбалтай кандын Чубак бар,
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Улаккан уулу Сыргак бар,
Аалам журтту буй кылган,
Укмуштуудай чунак бар,
Катагандан Кошой бар,
Албан түрлүү жаныбар,
Айдаган колдун баары бар,
Түрдүү нечен алпы бар,
Билсең бусурман журту жалпы бар,
Кара кытай манжууга,
Каршы келип туруштук
Жан аябай уруштук.
Эренден жалгыз кан өлдү.
Бу жерге кезиккендин баары өлдү.
Атактуу көкжал алп өлгөн,
Кез болгон жандар жалпы өлгөн,
Кайра тартпас Бээжинге,
Ай, кулунум, Семетей,
Жылкы тийип оолуктуң,
Умаштай көзүң бир ачпай,
Коңурбайга жолуктуң.
Асылган тууган кулунум,
Ала көөдөн чолпонум,

www.bizdin.kg



Эр жарадар болбойбу,
Көөдөк киши көрбөйбү,
Көөдөктүктү койбосо,
Акыры менде өлбөйбү,
Манастын уулу шер болсоң,
Баарынан мыкты эр болсоң,
Өткөн Манас кабылан,
Ташты чаап жол кылган,
Далайды чаап эл кылган,
Жарадар болуп турганда,
Алптар айза урганда
Жеткилең көзү киртийген,
Жеке өзүнө Манаска
Жетимиш айза бир тийген.
Зың-зың этип кенебей,
Сырттаным жүрө берчү эле,
Бул өңдөнгөн жараны
Бучкагына теңебей!
Карганында Бакай кан,
Кайраттуу мынча сөздү айтып,
Бакайдын жайы момундай...
Атасы Манас эр менен
Биттейинде бириккен,
Кенедейде кезигип,
Бармактайда баш кошуп,
Көктөн көк айман булут козголуп,
Көкжалың Манас эр менен
Кыяматтык дос болуп,
Өмүрүн бирге санашкан,
Ак болот мизин жалашкан,
Белгилүү Манас шер менен
Кою бирге короолош,
Ашы бирге жороолош,
Казына бирге жыйышкан,
Манас менен Эр Бакай,
Кыяматтык кол кармаш.
Берен Бакай олуяң,
Эл шери эрен Манасты
Ээрчитип жүрүп эр кылган.
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган,
Самаган журттун баарына,
Бу Манасты кан кылган,
Атасынын сырдашы,
Асыл Бакай курдашы,
Караңгы тамдын жарыгы,
Абасы Бакай акылы,
О, Семетей, кулунум,
Эр жарадан өлөбү,
Кыңкылдабай белиң буу,
Кыямат кеткен атаңдын
Кыйракан салып кунун куу!
Бейлегенге бек арман,
Берендин уулу чунагым,
Бээжинге салган чоң жаңжал,
Кай колдо карап ким туруш,
Кастарды кунду кууга,
Каканга салгын чоң уруш.
Ажалдан киши өлбөйбү,
Мезгили жакын келгенде
Беттешсе менде өлбөйбү,
Жылас болгон жылкыны,
Жылмалап айдап баралы.
Эл өөдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Анан уруш салалы.
Азыр салбас себебиң,
Кара жолтой өзүңсүң,
Кайратың жок белиңде,
Айчүрөк алып жаңыдан,
Кандуу бут болгон кезиңсиң.
Көк жашык болгон өзүңсүң,
Эки себеп болбосо,
Уктасаң уйку канбайбы,
Жатканда жамбаш талбайбы,
Душман кайда, жоо кайда?

www.bizdin.kg



Эр адам көзүн салбайбы.
Абасы Бакай муну айтып,
Адам тапкыс шумду айтып,
Быйыл жылды өткөрүп,
Кылды алдыга салалык,
Кайра келсек Каканга,
Үйдөй кара Кытайга,
Үксөңдөшүп урушуп,
Анан кекти алалы.
Соңгу жылы камданып,
Сокудай кара кытайга,
Анан кызык салалы,
Кечилдин каны чочкодон,
Өлбөсөк кекти алалы!
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны бул чочко,
Таластан бузду көчүмдү,
Ээй, таалайым, балам Семетей,
Ала албай кетип баратам,
Дардайган иттен өчүмдү.
Көрүүдөн тийди көчүмдү,
Келберсинген калмактан,
Ала албай кеттим өчүмдү.
Ат семирип ык болсун,
Эр ээлигип бук болсун,
Идерлүү жигит, күлүк ат,
Байдасы тиер чак болсун.
Өлбөсөк Бээжин келербиз,
Өкүмсүнгөн манжуунун
Чын кайратын билербиз.
Калдайып тийсе колубуз,
Как куйкасын тилербиз.
Эңкейбей жүргүн Семетей,
Эр киши тарткан жарадыр,
Эң башына сыпакер,
Эрен адам жортуп жүрүп окту жейт,
Жаман адам үйдө жүрүп
бокту жейт» –
Деп, өшөнтүп, Бакай кан,
Манас кандын Аколпок
Семетейге кийгизди,
Ардай болгон Буурулду
Төрөсүнө мингизди.
Өзү кылдат зор Бакай,
Кисесинин түбүндө,
Бакай кандын өзүндө,
Эбептеген дары бар,
Себептеген дагы бар.
Карыган Бакай баатырдын
Кисесинде бедер жок,
Бу Бакайдын киседе
Эмине бар, нелер жок.
Эбеп-себеп дарысын
Жара оозуна салды эле,
Кырма кызыл дарысын,
Кайнатма кара дарысын,
Ичинен берип алды эле,
Түп көтөрө жылкыны
Түзгө салып кубалап,
Түптүз жолго салды эле.
Дүңгүрөтүп каранды,
Түк койбой тийип алды эле.
Чубактын уулу Канчоро,
Кыйбат тонду кийгизип,
Коңурбайдын жылкыдан,
Кулансурду мингизип,
Билсең төртөө жылкы айдап,
Көптүгүнөн жер жайнап,
Кытайдын малын чачтык деп,
Кыргыздын жолун ачтык деп,
Адырмак күдүр бел басып,
Албан түрдүү жер ашып,
Тоңкойгон бийик тоо көрүп,
Нечен түрдүү коо өтүп,
Арысландар кайдан аянып,
Көз жетпеген мунарык,
Сары-Талааны таянып,
Ээр-ээр белеске

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Эми жетип конду эле,
Ошол күнү көкжалдар
Талаага конок болду эле.
Кысыр эмди тай союп,
Аш-тамагын жай коюп,
Тулпарды туура байлатып,
Жан казанды кайнатып,
Чыканактап уйку алып,
Чырым этип тынч алып,
Жатып жанды тындырып,
Жамбаштап уйку кандырып,
Таң кашкая сүргөндө
Ичке жолду төтөлөп,
Семетейдин Арбуурул,
Бакай кандын Көкчолок,
Бул экөөнү жетелеп,
Ойдо тунук булактан,
Ат сугарып кандырды,
Сан бетеге, сеңсел чөп,
Орой-орой чалдырды.
Күлчоро менен Канчоро
Эки бирдей тулпарды
Аз жетелеп олтуруп,
Көөдөнүн чөпкө толтуруп,
Талыкпай кармап олтуруп,
Таз кардын чөпкө толтуруп,
Карыганда кан Бакай
Каарланып бакырып:
«Күлчоро менен Канчоро,
Бери кел!» – деп чакырып,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Күлчоро менен Канчоро
Жаадай учуп жүгүрүп,
Жетип барса ошондо,
Абасы Бакай кеп айтат:
«Күлчоро менен Канчоро,
Эки бирдей түгөйүм,
Атка каткан жүгөнүм,
Асылдан калган медерим,
Тулпардан калган туяктар,
Туу казанат чунактар,
Айзага таккан желектер,
Кыраандак калган белектер.
Карыганда абаңдын,
Айтканы ушул билип ал,
Асыл балдар, тилимди ал.
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?
Бозоргондун нар жагы
Тунарганды көрдүңбү.
Анда балдар муну айтат,
Адам көргүс шум айтат:
«Абаке, Бакай карыя,
Манастын шери, олуя,
Түнөргүрдүн көзүнө
Түк эчтеме көрүнбөйт.
Караңгыда суу ичип,
Көздү Кудай урган бейм,
Аба, Бакай, кебимди ук,
Түнөргүрдүн көзүнө
Түк эчтеме көрүнбөйт.
Түн ичинде суу ичип,
Көздү Кудай уруптур.
Аба, Бакай карыям,
Баана кылган олуям,
Астыга салса ак жолум,
Айдап жүрсө сан колум.
Кылычка таккан кыныңды айт,
Кыдырлуу абам чыныңды айт.
Мунара күйгөн чок барбы?
Бузулбай тийген ок барбы?
Аба Бакай, акжолтой,
Белеске тарткан тор барбы?
Айгайы асман тундурган
Астыңдан чыккан кол барбы?»
Балдар мындай дегенде,
Бакай туруп муну айтат:
«Эй, бадирек балдарым,

www.bizdin.kg



Мен билгенди билбесең,
Мен көргөндү көрбөсөң,
Кечүүгө кербен конуптур,
Керектүү маалың болуптур,
Жооң жолго конуптур,
Жортсоң жолуң болуптур.
Мен билгенди билбесең,
Мен көргөндү көрбөсөң,
Кырдын кызыл ташы кырданат,
Асмандан булут сурданат.
Аябай бороон шыбыргак,
Атыңды алып, жөө кылган,
Кызыл-Кыя жердеген
Кытайдан Кырымдын уулу Мурадыл
Ааламдан чыккан эр деген.
Күндүзү бүркөк, түндө ачык,
Эй, балдар, Мурадыл кулдун
жайы экен.
Кырымдын уулу Мурадыл
Атбороюн сыдырып,
Аттарын тийип жөө кылдым,
Бу кайдан алыс кетсин деп,
Чалгын чалып жер чардап,
Бул аалам жолду кыдырып,
Бээжинге кайра тартыптыр,
Ар тулпардын үстүнө,
Алтын, күмүш артыптыр.
Алтын түрдүү чатырга,
Эр Коңурбай баатырга,
Олжолоп алган он төрт ат
Тутанып өлгөн чоң чочко
Туура тартып келүүгө,
Туш-тушка кабар берүүгө
Жөнөгөн окшойт Мурадыл.
Буруттун алптарын атсыз
кылдым деп,
Азуулусун кырдым деп,
Чыма-Чынга, Бээжинге
Чын кабарын салууга,
Эр Коңурбай канына,
Чоң Эсенкан алдына,
Такыр бойдон он төрт ат,
Тартуу кылып баруугa,
Айры белес жол менен,
Азар түмөн кол менен,
Кытайлардан Мурадыл
Келе турган кези экен.
Сур кызыл менен өрттөнгүр,
Чалгынга чыккан кайгылуу,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети,
Мурадылдын өзү экен,
Алты миң кытай, сан калдай,
Аскери мынча бар экен.
Алдам өзү билбесе,
Алда канча кол экен,
Алысыраак жол экен,
Ай, балдарым, камдан – деп,
Асмандан түшкөн алты курч,
Кылычтын кылда мыктысы,
Манас алган Зулпукор,
Манастан калган мурапын
Эр Семетей, сен байлан.
Ажыбай алган Ачалбарс
Ай, Канчоро, сен байлан.
Алмамбеттин Жойкума,
Эр Күлчором, сен байлан.
Балдарым, түп атаңар түгөл кан,
Түбүндөн Кыдыр даарыган.
Дүмбекердин балдары,
Башкы атаңар баары кан,
Башынан Кыдыр даарыган
Балакеттин тукуму.
Балалык кылбай, эрдик кыл,
Эркек болсоң, кулундар,
Атаңа катар шердик кыл.
Кайратыңар жок болсо,
Туулбай туна чөккүлө,

www.bizdin.kg



Тирүү жүрбөй өлгүлө!
Азап менен ажалды
Мурадылга салгыла,
Мурун тийген атыңды,
Адам болсоң, балдарым,
Арачалап алгыла!
Чогоол мылтык тарс этсе,
Чочуп шорду кайнатпа,
Кара мылтык карс этсе,
Качып шорду кайнатпа.
Уга көргүн кебимди,
Урушка тууган чолпондор,
Сындыра көрбө белимди.
Ай маңдайды жаркытып,
Кызыкты кыйла сала көр.
Кытай кул алган тулпарды,
Ажыратып кала көр!»
Дарман чарчап, ал кетсе,
Кубаты ушул экен деп,
Алсыз жайдан көргүлө.
Кыргын калбай бирөөңөр,
Кыргындашып токмоктоп,
Кызык болуп өлгүлө.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо түшсүн.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү тоо түшсүн.
Капкара канга канышкан,
А дүйнө кеткен атаңдын,
Арбактары колдосо,
Калайман салып салышкан.
Эр кысталак өлбөйбү,
Эгем салган буйругун,
Эчен киши көрбөйбү.
Бу талаанын түзөңү,
Ай касаба тоо болсун,
Айкайлаган чуу болсун.
Кылсаң мында жумуш кыл,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушкун.
Айза тийген топ түшсүн,
Ажалы жеткен окко учсун.
Эл четинде Мурадыл,
Үйүң күйгөн чочконун
Жайчылыгы дагы бар,
Айза кармап муштоого,
Ыктуулугу дагы бар.
Бу дүйнөгө жаралып,
Келгендиги дагы бар.
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Бу Мурадыл чочконун
Мергендиги дагы бар.
Кайраты бийик, заары күч,
Капырды көрсөң, кулундар,
Кайран жандан күдөр үз.
Тегерегин караба,
Тегеле жаның аяба.
Кырымдын уулу Мурадыл,
Башында бар чоң келгел,
Капырдын жайын сурасаң,
Казыналык чоң мерген.
Жаман менен жакшыга
Таңылбас жери дагы бар.
Айдын караңгысында,
Жарты ийненин көзүнөн
Жаңылбас жери дагы бар.
Белес да ошол, бел да ошол,
Белсенип чыкса өрттөнгүр,
Мерт кылуучу шер ошол.
Деп, ошентип Бакай кан,
Балдарга мындай кеп айтты,
Билсең мынча шумду айтып,
Уктаса кирбейт көзгө түш,
Урууда барбы мындай иш.
Семетейи жаралуу,
Балдары атсыз каралуу,
Кыймалуу жактан чалдырып,
Он төрт аттын баарысын

www.bizdin.kg



Мурадыл кулга алдырып,
Күлчоро менен Канчоро,
Экөө кылдай эр чоро,
Ай-ааламдын баарысын,
Буй кылуучу шер чоро.
Аттарды Мурадыл тийип кеткенде,
Бакай менен Семетей
Балдарга айткан кеби бар,
Өрт кылып жанып күйдүрүп,
Өзөккө тийген кеби бар,
Эки катар эр чоро,
Ээликкени болжолсуз.
Муну менен жөн эле,
Ажалга кирчү чени бар.
Учкаштырсам батпайсың,
Жөө айдасам баспайсың,
Кутуруп кеткен эки арам,
Ат кайтарып жатпайсың!»
Ардыктырып аларды,
Арданып калган жери бар.
Эр Мурадыл баш болуп,
Жети милек жоо чыкса,
Жеке кирчү чени бар.
Ал экөөнө чок болгон,
Мурадылда кеги бар.
Алмамбет уулу Күлчоро,
Бакайдан муну укканда,
Эсеби жок сүйүнүп,
Эликтей учуп түйүлүп,
Мойнуна курун салынып.
Жоо дегенде камынып.
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып.
Ажалдан тартпас чоронун
Асылдыгы көрүнүп,
Өлүмдөн тартпас чоронун
Өкүмдүгү көрүнүп.
Ара жерде ат тийген,
Ал Мурадыл кан болсо,
Ат жоготуп тил уккан,
Бу Күлчоро мен болсом,
Бу талаада көрүнсө,
Күлүгүм кантип берейин,
Күчөгөн окшойт бу чочко,
Күрпүлдөшүп көрөйүн.
Асыл башым барында,
Тулпарым кантип берейин,
Кутурган окшойт куу кытай,
Кулжуңдашып көрөйүн.
Айза кармап, топ бузуп,
Ажалым жетсе окко учуп,
Дагдырдан аман болсо жан,
Суртелким тартып минейин,
Кайнап жаткан сан колун,
Каканга чейин сүрөйүн.
Жеке жолун чалайын,
Жаным чыгып баратат,
Жеке өзүм барайын! –
Деп, өшөнтүп, кеп айтып,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Бээжай катын Каныкей,
Беттешкен жоого кийсин – деп,
Бет алып, салып тийсин – деп,
Белекке берген бир буюм,
Кийингенде чоронун,
Киндигинин башынан.
Шашып кийип жүгүрүп,
Самсаалаган бүчүсүн
Арт жагына түйүнүп.
Кызталакты көрдүңбү,
Кытай келет дегенде,
Кабагым дебей, каш дебей,
Кыз кайнын көрчү немедей,
Кызарып күлүп сүйүнүп,
Кабырганын себилди,
Туш-туш жердин баарына,
Жасаган экен энеси,

www.bizdin.kg



Ок өтпөй турган темирден.
Коконго кордук салганда,
Кокуйлатып кожодон
Тартып алган кара тон.
Ок өтпөстүн сыртынан,
Кара тонду кийгизди,
Кадыр Алда жол берсе,
Казатың мындай болсун – деп,
Кабарыңда бар бекен,
Сар-Арканы жердеген,
Салмактуу кыйын эр деген.
Көк өтүктүн өкчөсү,
Айдаркандын Көкчөсү,
Иткелдүү сорпо, майлуу эт,
Ойбойлогон казактан,
Ал Коңурбай Калчада
Олжого калган Көгала.
Ошо болор согушта
Эр Күлчоро баланы
Көгалага мингизди.
Бөлүнгөн бөксө жол менен,
Адис болгон эр Бакай,
Күлчорону жүргүздү.
Күлчоронун артынан.
Мурадылдын дартынан,
Кабарыңда бар бекен,
Кең Алайды жердеген,
Кеп кылса Ойгут эл деген.
Ойгут каны Акбалтай
Беттеп менде жеңбеген
Бет алып менде келбеген,
Ак сакалы бир кучак,
Атасы болчу бу журттун,
Ошол Акбалтай уулу эр Чубак
Алышып адамдын алы жетпеген
Арыслandын тиши өтпөгөн,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Кыямат кеткен Чубактан,
Кыргынга тууган чунактан
Белекке калган Канчоро,
Канчоро жайы момындай,
Энесин Камбар алыптыр,
Камбар да Манас чоросу,
Чоро деген чогоол сөз,
Кабыландын жороосу,
Ошо турган Канчоро,
Шамдагайы болжолсуз,
Барган экен жүгүрүп,
Бакай эрдин алдына,
Семетейдин жанына,
Маралдай чурап түйүлүп,
Чубактан калган чоң кисе,
Моюнуна чалынып,
А дүйнө кеткен шерлердин,
Зайыпуруш эрлердин
Арбагына жалынып,
Каалап турсаң Мурадыл,
Абаларым барайын.
Аба, Бакай, Семетей,
Булардын тилин албасам,
Азыр өлүп калайын.
Кашатка чыгып турушуп,
Карсылдашып урушуп,
Чама келсе топ бузуп,
Чарк жетпесе окко учуп,
Өлүп калса кокустан,
Дүйнөдөн өтсөк окустан,
Бакай кан менен Семетей,
Ыймандан ысык эки абам,
Кутургандын кулдары,
Талаада калды дебесин,
Ак чүчтөдөй кайран өң,
Оңурайтып көзүңдү,
Карга, кузгун жебесин.
Чабышып чамаңар келсе,
Өлүп калган балдардын
Белинен кармап бүктөп кет,
Мингенине жүктөп кет.

www.bizdin.kg



Көөлөп жерди оюп кет,
Колуң менен табыштап,
Биз чиркинди коюп кет,
Анан Талас барсаңар,
Белгилүү энем Каныкей,
Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш кайра жол эмизген.
Эр Семетей баатырга
Бекем тууган кылам деп,
Бул акысы бар эле,
Акысынан кечсин де,
Мындан бөлөк кебим жок!»
Көк темирден туулга
Көмкөрө башка кийди эле,
Башка каптап чарайна,
Толу бойду топчулап,
Толтоюңку кызыл бет,
Темир менен үпчүлөп,
Буруусу канча, себилди,
Бузбай кийди Канчоро
Ок өтпөй турган темирди.
Тиктесе көздү кандырган,
Муштаса колду талдырган,
Машаанын мурду батпаган,
Бараңдын огу өтпөгөн,
Айзанын учу тешпеген,
Жалпагынан сөктүргөн,
Болот эгеп жиберип,
Ортосуна төктүргөн.
Жакасы болот, жеңи жез,
Ичи жибек – атилес.
Калыңдыгы бою кез,
Каран калган боз чепкен,
Ашагандан машаган,
Кымбатым балдар кийсин – деп
Кыраан катын Каныкей,
Кажыбай жоого тийсин – деп,
Билбей койсом бекер – деп.
Онжондогон балдарга,
Опсолоңу опсуз деп.
Ок жаңылып кетер деп,
Берен энең Каныкей,
Белгилеп кылган боз чепкен
Канчорого кийгизди.
Жылмаңдаган Кулансур
Канчорого мингизди.
Кулансур жайын айтайын,
Кулансур жайы момундай:
Алмамбеттин Сарала,
Ушул экөө уялаш,
Кабылан Алмаң берендин,
Таш-Көпүрө шаарында,
Атасы Азизкандын айлында.
Капырлардан Эзкара
Токшукерден Бороончу,
Калмактардан Ороңгу.
Буйгат уулу Музкиндик,
Баданачан Маңкуш алп,
Баары кирген чагында,
Кечилдерден Коңурбай,
Дагы кирген чагында.
Кандыгын карап кылганда,
Калың журтун талкалап,
Кырк уруу кытай кыргызда,
Кырк чоросун кырдырып,
Энесин шейит кечирип,
Капаланып кайгырып,
Кандыгынан айрылып.
Ээр белдей сары кыр.
Алтын казчу кен эле,
Алакең тапкан жер эле.
Кери калган Бээжинде,
Таш-Көпүрө кайран шаар,
Жердеген журту далай бар,
Эли калган Бээжинде.
Кырк кез курган зынданда
Каканчы деп чуу тартып,
Калайманды салганда.

www.bizdin.kg



Алмамбеттин эли деп,
Атагы манжуу көп кытай,
Тегеректеп алганда,
Кулунунда Кулансур,
Ал булуктүн ичинде,
Кургуйга калган жылкы экен.
Кечилдин каны Коңурбай.
Олжо кылып алыптыр,
Олоңдогон чочкону
Жылкыга кошуп салыптыр.
Азыйын санап келгенде,
Кыйла азыйга толуптур.
Муну менен Кулансур
Кытайдын малы болуптур.
Тай чагында мен муну,
Талоондон алган малым деп,
Мойнуна калмакча бурчак
тагыптыр.
Ырымы экен чочконун,
Ыйык ат кылып алыптыр.
Көп жылкынын ичине
Сетер коюп салыптыр.
Жылкыдан кармап Канчоро,
Серпишке минип алыптыр.
Куп ок өтпөс кийгизип,
Кулансурду мингизип,
Көз жетпеген урчукка,
Көмкөрүлгөн тумшукка
Канчорону жиберди.
Жаадай учуп Канчоро,
Жалаңкыч* сындуу эр чиркин,
Жанакы жерге, барды эми,
Манастын уулу Семетей
Тынч болгондо киери
Көк сүлөөсүн суусардан
Көркөм кылган чоң бөрктү,
Төрөсүнгөн эр чиркин,
Төбөдөн жулуп алды эми,
Ак куржундун ичине
Алып келип салды эми.
Көк темирден тубулга,
Тубулганын алдынан,
Көркөм топу чарайна,
Көмкөрө башка кийди эле,
Кашаты көөхар баймалуу,
Багалеги саймалуу.
Керип темир мадаткан,
Келтенин огун жалаткан.
Керишке кийчү Кандагай,
Ичин жибек иштеткен.
Кызыл көйнөк айча бел,
Кылтылдаган сулууга,
Сегиз жыл тынбай тиштеткен.
Айтса кызык муңу бар,
Аз болгондо каранда
Миң байталдык куну бар.
Жоо-жарагын кийинип,
Бар тонунун үстүнөн
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана торгой көз,
Келеме жака, кең күрмө,
Керишке кирсе ок өтпөс,
Атасы Манас Айкөлдөн
Мураска калган Аколпок,
Аколпокту кийди эми,
Билген адам айтчу эле,
Асмандан түшкөн Боз кисе,
Билбеген адам айтчу эле,
Коконго кордук салганда,
Кожодон тартып алган деп.
Ала чапан кожодо,
Мындай кисе болобу?
Кыйкырып белге чалганда,
Кырк чилтен жолдош бир болгон
Мурунку кеткен Манастан
Мураска калган Боз кисе,
Бурулуп белге чалды эле,
Чылгый курчтан Сырнайза,

www.bizdin.kg



Чын колуна алды эми.
Короздой болгон кайран шер,
Козголбогон кайран эр,
Көөдөндө нечен санаа бар,
Төшүндө шумдук жара бар,
Мурадыл кыйын экенин
Мурдатан бери билди эле,
Алтын таман үзөңгү,
Опол-Тоодой Буурулга
Теппей чуркап минди эми.
Көк кайкыган бел көздөп,
Көз жетпеген жер көздөп,
Көкжал Семең жүрдү эле.
Олуя уулу Эр Бакай,
Баатыр Бакай абаңдын,
Ылаачындай ык билген
Ыктуулугу дагы бар.
Жолборс Бакай абаңдын
Жоонун айласын билген абыдан,
Мыктуулугу дагы бар.
Жебеден мурун жетүүчү,
Илгичтиги дагы бар.
Алты айчылык азапты
Азыр билет Бакайдын,
Билгичтиги дагы бар.
Молдо менен молдо өсүп,
Молдолору колдо өсүп
Алимдиги дагы бар.
Болбой ичкен бозону,
Боздотуп урган кожону,
Алып ичкен аракту,
Алып жаткан койнуна,
Айнектей сулуу жалапты.
Залимдиги дагы бар.
Кырк чоронун баарысы,
Кыйын мүшкүл ушундай.
Кыргыл, Бакай карысы,
Кылча аянбай жөн эле,
Кырылып кетчү баарысы.
Билбегенди билгизген,
Билгич Бакай карыя,
Туйбаганды туйгузган,
Туура, Бакай олуя.
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көгала калкан ойногон,
Башын баргек бөлөгөн
Аягын миң алтынга жөлөгөн,
Баарыны көргөн карыя,
Байгамбар чалыш олуя.
Жаман айтса таңылбас.
Карган Бакай абакем,
Караңгыда карсактын,
Изин кууса жаңылбас.
Бөлүнгөн эрди караңыз.
Жыла басып жылкы айдап,
Бөрү Бакай абаңыз,
Айдай түшүп жылкыны
Жол боюнда Капка-Таш
Капка-Ташка токтоду.
Карыганда абакең
Качанкы жинди жоктоду.
Оодарылса куу дүйнө
Оболку түштү эсине,
Байкап турса Бакайга,
Байыркы түштү оюна.
Каңырыгы бек түтөп,
Кабылан Бакай ат алды.
Ителгидей кайран көз,
Ирмебей туруп жаш алды.
Жоо жоолочу жолборс баш,
Жоноко калып калдымбы.
Эл алдында эсил баш,
Жылкы жайып алдымбы.
Курумак болдум аманат,
Курдашым Манас ала жат!
Ай караңгы бүркөлсө,
Түнү кандай болот деп,
Атышка кирген балдардын

www.bizdin.kg



Атаңдын көрү, эй арман,
Күнү кандай болот деп,
Айкырган чууну биле элек,
Мурунтадан бул балдар
Айкырып жоого тие элек,
Жоо айласын биле элек.
Тутанып өлгөн Мурадыл
Туура жол менен желеби,
Ал балдарга көрүнбөй.
Туш-тушка кабар береби?
Каканчындын Чыма-Чын,
Туура жагы Бакбурчун,
Калдай уулу капырың,
Кан Коңурбай баатырың,
Азар түмөн кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Бозала мунар тоо болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Какандын журту камынып,
Калың кытай, түмөн кол,
Айгай салып чамынып...
Көрбөй калып окустан,
Эр Мурадыл баатырдын,
Кабары жетип кокустан,
Бөтөн жол менен желеби
Каканчынын Бээжинге
Кара курттай калкы бар,
Кармашканды жөн койбой,
Канын иччү салты бар.
Качандан бери ал кытай,
Каары мыкты каркыбар,
Чериги бар, колу бар,
Ченебей каптап адамды,
Четтетип ийчү молу бар.
Кырк уруу кытай эл эле,
Кыйла жыл тынбай салышып,
Кыргынын көрүп кытайдын
Кыйналган Бакай мен элем.
Каарлуу кытай, калың журт
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Жерге толгон калкы бар,
Кармашкан качып кутулбас,
Канын ичмек салты бар,
Түптүү Бээжин улуу журт,
Дүмөгү артык эл эле,
Түрлөнүп эчен салышып,
Дүмөгүн көргөн мен элем.
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган,
Атыша чыга жоо келсе,
Астыга салып айдаган.
Ачуусуна кабылса,
Азууга салып чайнаган.
Окчонтоюн сологон,
Атагын уккан кулаган,
Калдайдын уулу капырга,
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Кан Коңурбай баатырга.
Дагдырга болбойт чоң адеп,
Каршы чыгып кун издеп,
Казат кылдык ага деп,
Атасынын сырдашы,
Айтылуу Бакай курдашы,
Көп жылкынын артынан,
Коңурбайдын дартынан,
Асмандан күн бүркөлүп,
Бакай эрдин башына
Алтымыш санаа бир келип,
Чымындай жан чыркырап,
Чымындай жанга күч келип,
Көкжал Бакай абасы,
Көп жерге кетип санаасы:
«Кызыл-Кыя жердеген,
Кырымдын уулу Мурадыл
Кыйла дүмөк эр эле
Огойдон чыккан он төрт ат,
Кең-Түргөндүн оюнан
Боз-Учуктун боюнан

www.bizdin.kg



Тийип кеткен кези эле,
Алптары жөө калды деп,
Какандагы Коңурбай,
Кабар берер кези эле.
Тутангырдын өзү эле,
Туурага көзүм салайын,
Кашат жол менен желдирбей,
Каканга кабар бердирбей,
Кабарын кармап алайын». –
Деп, өшөнтүп, Бакай кан,
Кайраттанып чамынып,
Кайыптан акыл табылып,
Карчыгадай камынып,
Амазын шашып окунуп,
Көкчолокту токунуп
Үч беренден чочунуп,
Кара жолтой карылык,
Касиеттүү абаңа
Каршы келген убагы,
Кайгырбай Бакай турабы?
Кайгырып калган себеби,
Өлүүчүдөй түрлөнүп,
Өткөн экен убагы,
Астындагы мингени,
Байыркы кезин сурасаң,
Жалдуу кызыл, калдуу көк
Чабышка минген Көк тулпар,
Бу кезегин сурасаң,
Жал-куйруктан айрылып,
Көкчолок атка конуптур,
Ушу кезде жарыктык,
Жаманатты болуптур.
Көктулпар аты жоголуп,
Көкчолок атка конуптур.
Үстүндөгү зор Бакай
Кузгундай көзү кызарган,
Эт кетип, мойну узарган.
Муун кеткен былкылдап,
Он эки мүчө, сексен сөөк
Калган экен кылтылдап.
Кээ бир күндө Бакайдын
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Эңкейгенде кайран бел
Кат-катынан бөгүлүп,
Муунду сары суу алып,
Куруп калган көөдөндү
Көп ойлонуп, муң алып.
Көз чылпакка айланып,
Көөнү байкуш кирилдеп,
Чамаа чарчап, ал кетип,
Эки көзү көп жооруп,
Бакай кандан ал кетип,
Туру мындай абаңыз,
Өлүп көргө кирбесе,
Түгөнгүр жайын караңыз,
Бакайдын жайы ушундай.
Канча жерге кызматты
Кылган Бакай эмеспи,
Канкор Манас барында,
Туу түбүнө былк этпей,
Турган Бакай эмеспи.
Айза имерип сайганга,
Арыслан Манас барында,
Даңгыл Бакай эмеспи,
Алышса жанды көй кылган,
Камбыл Бакай эмеспи.
Бакайдын жайы ушундай,
Астыга салса ак жолтой,
Айдап жүрсө сан колдой,
Батасы журтту байыткан,
Байкаган элди жарыткан.
Кырсык чечер кадыр түн,
Бакайдын жайын байкап бил,
Убагы артык карыя,
Ушундай Бакай олуя,
Канкор Манас барында
Канча жерден кат алган.
Он эки бирге кол берген

www.bizdin.kg



Оңой эмес эр Бакай.
Зайыпуруш атанган,
Сакалы аппак болсо да,
Неченге жашы толсо да
Балбандыгы башкача.
Жосуну кымбат Бакайдын
Жоругу кандан бир канча,
Жаш адам мындай болобу,
Кайран Бакай абамды,
Мындай деген адамдын,
Эгерде иши оңобу.
Коён таяк колго алып,
Кобурап Бакай абаңыз,
А жылкынын артында
Айырмачтай кайкаңга,
Ээр белдей тайпаңга,
Көк булунгур урчукка,
Көмкөрүлгөн тумшукка,
Жерге билгич эр Бакай,
Көкчолок оозун бурду эле
Кабарчы качса кытайдан,
Эптеп кармап алууга,
Эмгекке башын салууга,
Карган Бакай абаңыз,
Атайы карап турду эле,
Мурунку Бакай абаңыз,
Бите кайнап кытайга,
Бирге өскөнүн караңыз,
Эң кыйкырган чыңылдак
Ырын да билет кытайдын,
Кайсы жак менен кол салар
Сырын да билет кытайдын.
Артык билгич карыя,
Камынып Бакай олуя,
Астындагы Көкчолок,
Тартып оозун турду эле.
Көз жетпеген мунарык,
Көбүнчө кара талаага
Жарлуу чуңкур кыяга,
Кайып баспас чубоого
Кайран Бакай абакем
Көзүн салып турду эле.
Капыядан сөз тапкан,
Карган Бакай абаңдын
Камбылдыгы дагы чын.
Кайгуулга чыкса жол чалган,
Кайран Бакай абаңдын
Даңгылдыгы дагы чын.
Абаң Бакай көкжалдын
Ак сакалы суюлуп,
Айткан сайын оозунан
Кохар, шекер куюлуп.
Жоо бөрүсү эр Бакай
Жолу каткан балдардын
Жосуну кандай болор деп,
Жоноко карап турду эле.
Чөңөрлүүнүн белинен,
Жан жүрбөс кара талаанын
Төмөнкү мунар жээгинен
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Ошо чаңды көргөндө
Бакай эрден жан чыгат.
Оргуган чаңды караса,
Орундуу жагын кааласа,
Астындагы мингени
Көбөш кандын Көктелки,
Көктелкинин чаңы экен.
Үстүндөгү мингени,
Атка оюнчу, жөө күлүк,
Жөө желдеттей жан экен.
Беренжини салынып,
Беленденип желиптир.
Алты күлүк ат алып,
Кырымдын уулу капырдан,
Эр Мурадыл баатырдан
Какандын мыкты канына,
Кан Коңурбай шаарына,
Кабарга желдет жүрүптүр.

www.bizdin.kg



Бир кишиге билинбей,
Бир адамга көрүнбөй,
Тутанып өлгөн ал чочко
Туш-тушка кабар берүүгө,
Азар-түмөн кол менен,
Жер айрылган жол менен,
Жетип кайра алууга,
Мурадыл баштап миң колун
Ажыратып алууга.
Ач айкырык туу менен,
Адамга батпас чуу менен
Жөөжелдет келип калыптыр,
Жөөжелдетти көргөндө,
Адамдан артык олуя.
Адамдан артык олуя,
Абакең Бакай карыя,
Астындагы Көкчолок,
Азы калып көбү жок,
Абайлап турсаң, карылык,
Ушундай экен дүйнө чок.
Өрү калган өрттөнгүр
Башын жерге сала албай,
Баштакыдай арышты
Өрттөнгөн доңуз алалбай.
Өксүтүп салар бекен деп,
Өткөрө билгич эр Бакай
Астындагы Көкчолок
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Кынсыз кылыч байланып,
Көз жетпеген зор талаа
Желдет жетип келгиче
Он эки сапар айланып,
Башын жерге салдырып,
Астындагы Көкчолок
Башкача арыш алдырып,
Алмадай мойну узарып,
Эти кызып Көкчолок,
Кулжадай көзү кызарып,
Аркардай арыш керилип,
Көкүрөгү боз чаңгыл тартып
желигип.
Бакай кандын Көкчолок,
Желгенине жел жеткис,
Жел кайыптай карасаат,
Боруму мындай Көкчолок
Боорго камчы жеген соң
Мойнун жерге салыптыр,
Булуттай учуп дыркырап,
Болбой учуп калыптыр.
Эбегейсиз шер Бакай
Аттын сөөгүн ысытып,
Атка билгич зор Бакай,
Антип демин кызытып,
Билекке кылыч салынып,
Көк найза кармап камынып,
Көмкөрүлгөн урчуктан
Желдетти карап турду эле,
Мурадылдын чоң желдет
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар шер экен.
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети,
Кайраты кыйын жан экен,
Аз болгондо эрдиги
Карагулча бар экен.
Көз үстүндө кара каш
Бөктөргөлүү чапандай,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаткан иттей кашы бар,
Жан казандай башы бар.
Мурутуна көз салса,
Өтөккө чыккан чалкандай,
Канжасына турган кир
Жаш балалар ойношуп,
Көөлөп жеген талкандай.
Толкуганы шамалдай
Кара жолтой желдеттин

www.bizdin.kg



Качырганы камандай.
Айландырган кайран көз
Айбаттуудай көрүнүп,
Көргөн Бакай карандын
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Желдет жайын сураба,
Ар жагы Бээжин жээгинен,
Алып аскер кылыптыр,
Маңкуба деген элинен.
Желдет жайы момындай,
Сыягы каар, заары күч,
Муну көрсөң жөн эле,
Чымындай жандан күдөр үз
Мунун энеси инди жалабы
Эңкейтип менде аларбы.
Атасы кытай долусу.
Жүрөгүн алат добушу.
Ааламдын алы жетпеген,
Айбанга чалыш доңузу,
Чү десе тарткан канжасы
Ууртунан чыккан түтүнү,
Кол уштуктап жер жайнап,
Жөө туман болуп көрүнүп,
Жанагы келген жөө желдет
Абаң Бакай көзүнө
Жалаңкыч* сындуу көрүнүп.
Жөөжелдетти көргөндө,
Качырып айза урууга
Камынган экен зор Бакай.
Кайран жанды кыюуга,
Кайраттанып тура албай,
Камбыл Бакай абаңыз,
Миң күчү кетип, бирөө жок
Минтип турган абаңдын
Чоң кайратын сынагын,
Жаземдесе жарк этип,
Тулпардан учуп кетейин.
Бу дүйнөгө турбастан,
Кайра келбес чын жайга
Кайра тартпай кетейин.
Отура калып сийбеген,
Жеңи жерге тийбеген,
Адам тилин билбеген,
Айбанга чалыш макоого
Коркуп Бакай нетейин!
Козголбогон дөө менен
Сакалым куудай агында,
Сапарым чукул барында
Сайыш кыла кетейин!
Дагдыр жетсе чунак баш,
Кыямат жүзүн көрөйүн,
Чамам чарчап, ал кетсе,
Чоң чочкодон өлөйүн.
Чамам жетсе кул менен
Чапчылашып көрөйүн!
Тирүү болсом жыйгам бер,
Өлүп калсам ыйман бер!
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураага жетейин,
Өларман тууган ит менен
Бир өлүшө кетейин.
Жоо көргөндө зор Бакай
Жоноктон карап калабы,
Жолоочуда окшойтуп,
Ушунтүп Кудай алабы?
Кез болгон соң бу чочко,
Керүүдөн карап калабы,
Кериш кылып урушпай,
Картайган Бакай көкжалды
Ушунтүп Кудай урабы?
Дагдыр жетип, күн бүтсө,
Киргизбейби казган көр,
Бакай эмес, бардык адам кырылса,
Жоготуучу кара жер,
Жосунун бузбай өлөйүн,
Жолборско окшош кул экен,
Жойпондошуп көрөйүн».
Деп, өшөнтүп эр Бакай,

www.bizdin.kg



Жоо бөрүсү курган эр,
Жөөжелдетти көргөндө,
Өрттөнүп көзү жайнады.
Өлсөм Кудай мына деп,
Картайган Бакай абандын,
Кан иччү түрү кармады.
Ошо кезде Бакайдын
Көк сүлөөсүн кыргыз бөрк
Көмкөрө башка кийинип,
Бир беттешип калууга
Эки көзү төрт болуп,
Бакай турат сүйүнүп,
Бакай кандын кандагай,
Тегереги байбалуу,
Каран калган чочконун
Багалеги саймалуу,
Бүтүн кундуз терисин
Жарты бөлүп алдырган,
Багалекке салдырган.
Жоо бөрүсү Бакайдын
Жолборстук түрү көрүнүп,
Кобогойлуу сыр найза
Колун сунуп бөлүнүп,
Алтын жаак айбалта,
Арыслан  Бакай абакең,
Ээр белдей мойнокчо
Эңкейип желдет чыкканда,
Сыр найзаны колго алып,
Көкчолок санга бир салып,
Каарланып бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Касаба колдо калкылдап,
Сыр найза колдо жаркылдап,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көкжал Бакай абандын,
Көкжалдык түрү көрүнүп.
Бакай айза сунганда,
Качырып айза сунганда,
Кара чаар кабылан
Какканда Бакай абандын
Капшытынан чамынып,
Чолок Көкжал чоң арслан
Желдетти жеп койчудай,
Оң жагынан ооз ачып,
Ар-ар этип камынып,
Бакай баштап санча кол
Баткалынан бөлүнүп,
Манас баштап миң киши,
Бет алдынан жөн эле,
Айза сунуп көрүндү,
Муну көргөн желдеттин
Акылы айран бөлүндү.
«Кысталак Бакай өлбөптүр,
Ошо кезден бул кезге
Кыямат жүзүн көрүптүр.
Айкай кулак тундурган,
Дуугa келген экенмин,
Айыкпай турган бир кокуй,
Чуугa келген экенмин.
Бээжинге кабар берем деп,
Жолго келген экенмин,
Айыкпай турган бир укмуш,
Шорго келген экенмин.
Адам качып кутулгус,
Торго келген экенмин.
Казылган экен чуңкур жол,
Кайнаган экен биздин шор.
Кан Манастын кыраанры,
Айласы бийик, заары күч,
Айлалуу Бакай өзү экен.
Бу Каканга атын жибербей,
Тутанып өлгөн кызталак,
Тартып алар кези экен.
Астындагы  мингени,
Башка жылкы көрүнөт» –
Деп, өшөнтүп чоң желдет,
Көңүлү айран бөлүнөт.
Бекер куйрук, жал эмес,

www.bizdin.kg



Астындагы мингени
Бээжиндиктин малы эмес.
Үстүндөгү турган жан,
Менде алуучу жан эмес.
Көрсө Бакай өзү экен,
Тозуп жүргөн кези экен,
Ажал жетсе өлөйүн,
Алачыктай бул бурут,
Айкырып айза сайышып,
Айкайлашып көрөйүн» –
Деп, өшөнтүп чоң желдет,
Ок өтпөс кийип камданып,
Жоо-жарагын шайланып,
Кара мойнок таш кашат,
Кагышка чыга келди эле,
Бөлөкчө мойнок таш кашат,
Бөлөргө чыгып келди эле,
Эр Бакайдын шердигин
Көрөргө чыгып келди эле.
Мына ошондо эр Бакай,
Эченди көргөн карыя,
Эсилим Бакай олуя,
Бузуктун санын ойлогон,
Буттайы кетсе бузулуп,
Бузду экен деп койбогон.
Кагышка кирсе камсыкбас,
Канкор Манас барында,
Кырк чоронун баарысы,
Кырк чоронун мыктысы,
Арыслан Бакай ыктуусу,
Кайнап жаткан какандан
Кагышты көргөн эр Бакай,
Кара кытай манжуудан
Чабышты көргөн эр Бакай.
Шуру отогот маржан таш,
Луң-Тундун каны аралаш...
Булар менен салышып,
Көнгөн Бакай эмеспи,
Алп дөө менен кармаша,
Берген Бакай эмеспи.
Эсил Бакай абакең,
Астында тулпар Көкчолок
Тартып оозун бурду эле,
Мына ошондо Бакай кан,
Кызыл-Кыя жердеген,
Кырымдын уулу Мурадыл
Кытайдан чыккан эр деген.
Мурадыл менен иргелеш,
Чалгын орток биргелеш,
Баатыр желдет сен болсоң,
Манас шердин жолдошу
Далайы кетип, азы бар,
Карган Бакай мен болсом,
Кезектешип турушуп,
Алмак-салмак урушуп,
Чама кетип чарчасак,
Анан жанды кыйышып,
Бу кызыкты салалы,
Айныбай күчкө салыңыз,
Аркалуу кытай көп манжуу,
Атаңдан калган чоң ырым,
Кезекти мурда алыңыз,
Аянбастан камынып,
Керилип айза малыңыз.
Айкөл шердин курдашы,
А дүйнөлүк сырдашы,
Арыслан Бакай аты деп,
Каканчыга белиңе,
Кан Коңурбай шериңе,
Сүйүнчүлөп бар желдет,
Эрдиктин жайы ушундай,
Чынмачындын Бээжиндин
Кандыгын сурап ал желдет!
Кайратсыз болсоң өлөсүң,
Кайрат айтпай бу жайдан,
Чын дүйнө жүзүн көрөсүң.
Кайра тартпай сайгын деп,
Кыйын желдет сен болсоң,

www.bizdin.kg



Кыдыр чалган башынан,
Кымбат Бакай мен болсом!»
Көкчолок сындуу ат минип,
Көгала айза колго алып,
Кыбыланы баштанып,
Көкчолоктун оозун
Буруп берди зор Бакай,
Кайратың болсо аянба,
Казыр сайып алгын деп,
Туруп берди зор Бакай.
Көкжал кайдан тим туруп,
Муну укканда чоң желдет
Көктелкиге камчы уруп,
Айкырыгы баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Бөлүнө түшүп бакырып,
Мөндүлөп ураан чакырып!
Каарланып бакырып,
Какандап ураан чакырып,
Кан Бакайды оңго алып,
Камыштан айза колго алып,
Катынын кара баскансып,
Энтеңдеди эр балбан,
Качкыны чукул качкансып,
Куугунун жакын кууганcып,
Каарланды кутургур,
Катыны эркек тууганcып,
Беренжини байланып,
Беш-Бээжинди айланып,
Бакай балбан уул экен,
Бет алса жанды жегидей,
Зордугу тоонун теңиндей,
Туурасы жоон, бою бас,
Тутанып өлгөн чочкодон
Туралбай менде оолак кач
Кармаганды чалуучу,
Каман сыны дагы бар,
Беттегенди мент кылган,
Балбандык сыны дагы бар.
Айкай түмөн жоо келсе,
Алчу сыны бар экен.
Аалам журтка бир кыргын,
Салчу сыны бар экен.
Төбө чачы үксөйүп,
Бетинен каар сүксөйүп,
Бет алды Бакай абаңды,
Сырты сыпаа бир чарып,
Көк найзаны колго алып,
Карып калган Бакайга
Жебеден мурун жеткени,
Жетип башын кескени,
Кызыкты кыйла салууга,
Бээжиндин мыктуу канына
Бакайдын башы ушул деп,
Сүйүнчүлөп баруруга.
Кароолго чыккан жолдордун
Кандыгын сурап алууга,
Кайраттанып, жиндетип,
Желдетти Кудай урду эми.
Камыштан кылган айзасын
Күркүрөтө сунду эми.
Как жок сөөктүн кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Өлүмгө жакын орто деп,
Как жүрөктүн толто деп,
А Жөөжелдет жетти эле,
Мелдемдүү жерге Бакайды
Бет алып муштап өттү эле.
Сырттан Бакай абаңыз,
Баатырлыгын караңыз,
Кыйшалаңдап кылт этпей
Чоң күчүңө салгын деп,
Олуяттын эр Бакай
Туруп берди былк этпей.
Аянбай сайган жөө желдет
Таш муштаган эмедей,
Айза беттен бүктөлдү,
Аңтара муштап сая албай,

www.bizdin.kg



Аманат жанга күч келди.
Быт-чыт болуп чоң найза,
Кыйраган экен бычырап,
Керүүгө турду чоң желдет
Керилип Бакай сайды эле,
Кеп кылган жок кылт этип
Кенеген жок былк этип,
Маңдайлашып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Кезектешип жатышып,
Кез-кезинде эрендер
Очогор менен атышып,
Одураңдап калышып,
Ушунтүп жаман салышып,
Так өшөнтүп турганда
Абакең Бакай эр Көктал,
Тоюна токсон сойгон соң,
Атымды Бакай койгон соң,
Телегейден тең кылдың,
Казат баштап душманга
Кадимкидей эр кылдың
Бир желдетке ал жетпей,
Мынча, неге кем кылдың?» –
Деп, ошонтип зор Бакай,
Ак сакалы суюлуп,
Кайран баш кандай болдум – деп,
Кан аралаш кайран жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Тегерегин карабай,
Теги жанды аябай,
Колдосоң Манас, колдо – деп,
Колдооруң ушул жолдо – деп,
Көкчолок санга бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Сырттан Бакай абакең,
Желигип турган желдетке
Жебеден мурун жетти эле,
Чыканактын тушу – деп,
Чын өлөр жери ушу – деп,
Чын кыраан Бакай жетти эле.
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Муштап тийип өттү эми,
Эки этеги балбактап,
Ээринен арт тайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Көзү кетип алактап,
Буту кетип салактап,
Чамасы кетип бакырып,
Чагалайлап чакырып,
Жыгылып түштү бакырып,
Жана Бакай эр көкжал,
Көкчолок санга бир салып
Айзаны мыктап колго алып
Канкор Бакай абаңдын,
Канкорлугу эң кыйын.
Айла тапкыч акылман,
Артыктыгы бек мыкты.
Түздөп кармап найзаны,
Түртө кармап калды эми.
Шамдагайы болжолсуз,
Ныкып-ныкып калды эле.
Жыгылып кетпей Көкчолок
Аяктап туруп жаныбар
Күчкө салып түйүлүп,
Сынып кетпей сыр найза
Түпкүч болуп ийилип.
Адегенде Көкчолок,
Адис болгон союлгур,
Ак болотун дат алып,
Айзаны көздөй маталып,
Кулжуңдаса чочконун
Тулпардык сыны көрүнүп,
Туралбай кетсе туягы,
Туякка тийген кара жер
Туш-тушунан бөлүнүп,
Карыса да Бакайдын

www.bizdin.kg



Канкорлук сыны көрүнүп.
Көктелкиден дыркырап,
Кабырганын кат-каты
Кат-катынан быркырап.
Ушундай экен жөө желдет.
Учуп жерге жетти эле,
Жеткен жерде зор Бакай,
Кабарында бар бекен,
Манастан калган Ойкума,
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Кыйкырып кындан чыгарса,
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Канга мыкты тойбосо,
Катса кынга кирбеген.
Колго алганда шектенген,
Шилтегенде жөн эле,
Кыпкызыл мунар өттөнгөн,
Ойкума кармай калганы,
Жолуң болгон желдетти,
Аттан түшкөн беренди
Опол-Тоодой барбайып,
Жөөлөп турган эренди,
Кызырлуу Бакай абаңыз,
Коймо болот кылычын
Кыйгай кармап алды эле,
Кылчайбастан желдетти
Тартып туруп калды эле,
Учуп башы зыркырап,
Кан төгүлдү дыркырап,
Казасы жетип Бакайдан
Чоң желдет өлдү быркырап.
Абаң Бакай эр Көкжал,
Курмандыкка чалды эми,
Астындагы Көктелки
Биздин жылкы эле деп,
Олжолоп коштоп алды эми.
Үч балам кайда жүрөт деп,
Ар жакты карай салды эми.
Кош бадана кайран тон,
Канчорого кийгизип,
Олжодон калган Көктелки,
Канчорого мингизип,
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Карган Бакай абаңча
Кайгулга чыгып ким жүргөн,
Картайганда Бакайдын
Кытайга салган чоң дүрбөн.
Көргөнгө болбойт көп арман,
Карыганда Бакайдын
Кытайга салган чоң жаңжал.
Айдаганы көп жылкы,
Ээрчиткени Канчоро,
Эрмектүү аты Көкчолок,
Айдай сары талааны
Басып Бакай келди эле,
Адыр-күдүр мойнокту
Ашып Бакай келди эле,
Айдай сары талаадан
Бир дүмөктү көрдү эми,
Кудай бетин көргөзбө,
Караса көзгө илинбейт,
Боз мунарык күйгөн чаң,
Кайсы экени билинбейт.
Бээжиндик Дыңша дээр эди,
Эсебин алган адам жок,
Мунарык түшкөн боз талаа,
Дыңша чөлү дээр эди,
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этип ууртаар суусу жок,
Казылган калың ор эле,
Кырк күнчүлүк чөл эле,
Өрттөнүп куму кайнаган,
Жаныбар чыдап тура албай,
Түш мезгили болгондо,
Жандуудан бирөө калбаган.
Өрттөнүп күйгөн ысыкта,

www.bizdin.kg



Оройгон тар тоо кысыкта,
Бозала желек кызыл туу*,
Кудай бетин көргөзбө,
Бой-бою артык ызы-чуу.
Ай касаба кызыл туу,
Айкай кулак тундурган
Ач кыйкырык ызы-чуу,
Уйгу-туйгу ороңдоп,
Айзалары короңдоп,
Асман ачык, жер бүркөө,
Кез-кезде чыгат бакырык.
Күлчоро менен Семетей,
Канчородой кайранды
Ортого алып көп кытай
Салган экен башына
Акыр заман сапырык.
Үпчүлөнгөн үч баатыр
Бир-биринен бөлүнүп,
Жалгыздап ураан чакырып,
Бири-бирин көрө албайт,
Тополоңдоп бакырып.
Мурадылдын миң балбан,
Күлчорону бет алып,
Тегиз найза салыптыр,
Көз кайкыган талаада,
Чаалыгып чарчап Көгала,
Чөйчөгүнөн чөп кетип,
Ал-абалы көп кетип,
Мойнун жерге сала албай,
Болжолдуу арыш алалбай,
Болбогон экен Көгала,
Башын жерге салалбай,
Аркардай арыш ала албай,
Чама чарчап, ал кетип,
Дем алганда мурдунан
Уюган кара кан кетип.
Боз чамбыл болуп жөлөнүп,
Көнөктөй болгон кайран баш
Кыпкызыл канга бөлөнүп.
Анда-мында бут серпип,
Айбаның чамаасыз чарчап алыптыр.
Кызыга кууп жете албай,
Алмамбет уулу Күлчоро
Арманым аттан болду деп,
Бу жалгандан өтө албай,
Кээ бир жерге келгенде,
Айбалта менен салышып,
Айбалтанын башы жок,
Сабы колдо калышып,
Чокмор менен салышып,
Чокмор сынып быркырап,
Кармаган жери калышып.
Уйгу-туйгу болушуп,
Ушун этип калыптыр.
Эр Көкчөнүн Көгала,
Азыйын санап келгенде,
Алтымышка толуптур.
Ошол жылы соолгур,
Алтымыш азый болуптур.
Кулак тердеп балпылдап,
Ары жайдак Күлчоро,
Өчөшкөн жоого жете албай,
Жүрбөс болду далпылдап.
Алты миң балбан сан калдай,
Артык эри Мурадыл,
Күрмө кийген кан экен,
Күчөгөндөн жоо тозгон,
Өкүмсүнгөн чочконун,
Мынчалык күчү бар экен.
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Кызыл болот Зулпукор
Кынап алган чагы экен
Кызыталак чорону
Сынап алган кези экен.
Манжууларын бакырып,
Кырымдын уулу Мурадыл
Тыргоотун тыйпыл чакырып,

www.bizdin.kg



Күрмө кийген күчтүүсүн,
Таш сайынган тазасын
Кагышка мыкты камбылын,
Айзага адис даңгылын,
Кайгысы жок эченин,
Качырса талкан салуучу
Кайгысы жок балбанын,
Баары-жогун чакырып,
Кылычы кыйын курчтуусун,
Айзасы артык учтуусун,
Кең көкүрөк, корс кыял,
Алакөөдөн дардаңын,
Айт дегенде жөн эле,
Адамды каптап кетүүчү,
Аябаган балбанын,
Кайып турса куткарбас,
Чалма уруучу ыктуусун,
Көргөн жандан түңүлчү,
Көркөмдүүсү мыктуусун,
Атка оюнпос* күлүгүн,
Кичи Казат атагы
Мурадыл салган бүлүгүн.
Каарланып бакырып,
Балбандардан манжуусун,
Баарын койбой чакырып.
Бөйрөгүнөн Семетей баштап дүрбөндү,
Кытайлардан Мурадыл
Салган экен сүрөөндү,
«Атаңдын көрү, сен калдай,
Кебимди уккун бир далай,
Көгалачан бурутту,
Биздин тукум болучу,
Качып жүргөн журутту,
Аты чабал келиптир,
Атаңдын көрү калдайлар,
Аңдасаң Кудай бериптир.
Кабарыңда бар бекен,
Канзааданын чунагы,
Атына таккан жүгөнү,
Алмамбеттин күмөнү,
Күлчоро кулдун өзү экен,
Мингени жүрбөй Көгала,
Сандай турган кези экен.
Ушу чөлгө келгенде,
Он эки күн салышса,
Көгала жүрбөй шалпылдап,
Бул өрттөнгөн Көгала
Баспай калат далпылдап.
Өлтүрбөстөн житирбей,
Бул өрттөнгөн Күлчоро,
Тирүү кармай калгыла,
Чын Бээжиндин шаарына,
Чын Карыкан алдына
Тирүү байлап баргыла.
Күн чыгар аркы Бээжинде
Сазаңшаңдын элине
Алтын таажы кийгизип
Алтын такка мингизип,
Кан көтөрүп алгыла.
Өлтүрбөй же житирбей,
Тирүү байлай салгыла.
Эски арыктын укуму,
Биздин кытай тукуму.
Көңүл ичтин санаасы,
Алмамбеттин баласы.
Ушул сенин жериң деп,
Бул кытай сенин элиң деп,
Дегенине көнгүлө,
Алмамбет тапкан жаңы жер
Алтындын казган кени эле?
Тартуу кылып бергиле.
Күлчоро атын жойгула,
Кытайча атын койгула,
Карабжынды кийгизип,
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйрынын баарын билгизип,
Отоок-отташ кийгизип,

www.bizdin.kg



Шибе менен манжууну,
Солон менен тыргоотту
Тыйпыл муну билгизип,
Канга кабар салгыла,
Кайрандан калган тукум деп,
Кастарын көрүп каканчы,
Кан көтөрүп алгыла.
Беренжинди салынып,
Бекке ылайык бала экен.
Каралжынды кийгизсе
Канга ылайык бала экен.
Он эки мүчө тең экен,
Айзакерден ыктуу экен,
Жоонун айласын билген мыкты экен.
Жайнаган кызыл чок экен,
Жаанам* журттан мындай жан,
Мендесинде жок экен.
Жайнаган кызыл чок экен.
Телегейи тең экен,
Эрдик менен шердиги
Жер үстүндө жок экен.
Ажалы бүгүн жетпесе,
Амалы жолдо кетпесе,
Кызталак желдет өлбөсө
Кыямат жүзүн көрбөсө,
Алты күлүк ат менен
Алакандай кат менен
Желдет бүгүн жетер деп,
Туш-туш жердин баарына
Кабар берип өтөр деп,
Казабыз калың орун деп,
Калжыраган буруттун
Кайнатабыз шорун деп,
Каарланып Мурадыл
Калдайына муну айтып,
Адам көргүз шумду айтып,
Көп калдайга кеп айтып,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Көздөгүлө деп айтып.
Каны буйрук кылганда,
Карасы карап турабы,
Эри буйрук кылган соң,
Энтеңдеген көп манжуу
Каптабай Кудай урабы!
Күлчорону карата
Эрендин баары жарышып,
Айзанын баары кагышып,
Топурак учуп, тоз күйүп,
Тоо бузулуп жер жайнап,
Айзанын башы кылкылдап,
Адамдын башы былкылдап,
Бөлүнүп чыккан жол менен,
Мурадыл каптап кол менен
Кылжээрде менен кыйгачтап,
Кылымда жок чыр баштап,
Балбандары башкача,
Тулпарлары кашкача,
Бууландырып ат минип,
Булума тандап тон кийип,
Бурулбай айза сунушуп,
Бура тартпай урушуп,
Мурадылдын чатагы,
Мунун өзүн сурасаң,
Кичи казат атагы.
Жамгырдай кылып жаа төгүп,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Кылкылдап найза көрүнүп,
Көрүп турган чоронун,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Күлчоро арман кылды эми:
«Атаганат кайран жан,
Төгүлмөк экен биздин кан,
Туура ойлосом жан күйүп,
Турушунда болбодум,
Туура алты айдан салышып,
Урушунда болбодум.
Кармап минер буудан жок,
Каралашар тууган жок,

www.bizdin.kg



Атым карган Көгала,
Ат тапканга шайман жок.
Каралды кылар журтум жок,
Качып кирер огой жок,
Кытайды Кудай урат бейм,
Каптап кетсе окустан,
Кармап алса кокустан,
Айдап кирип Бээжинге
Кырк аркан бою зынданга,
Камап коюп өзүмдү,
Кылгылыкты кылат бейм,
Кыйналтып жанды коет бейм,
Бу кызыкты салат бейм.
Бузулуп кеткен бул чочко
Минтип башты алат бейм.
Каралдым Бакай абам жок,
Канчоро менен Семетей,
Эки төрөм ошол жок,
Ушундай белең дүйнө бок!» –
Деп, өшөнтүп Күлчоро,
Мурадыл баштап кыйла жан,
Кыр-кырынан кол салды,
Мына ошондо Күлчоро,
Кабагым дебей, каш дебей,
Өөдө-төмөн карабай,
Өлүмдөн жанын аябай,
Тегерете карабай,
Теги жанын аябай,
Күмүш кемер курчанып,
Күндөй бетин нур чалып,
Алтын кемер курчанып,
Айдай бетин нур чалып,
Күлчоро жайын сурасаң,
Тегерегин каранып,
Ач бөрүдөй жаланып,
Капкара канга канышып,
Калың түмөн сан колго,
Качпай өзү салышып,
Эс алганда чү коюп,
Көгала менен зыргытып,
Эңкейиште эр сайып,
Беш, алтыдан тең сайып,
Айзадан жакын келгенин,
Каарланып зыргытып,
Шыйрактан кармап ыргытып
Айкайы артык бакырып,
Токтоо бербей сапырып,
Баланын жөнү ушундай.
Манастап ураан чакырып.
Кыймылдаган бүткөн бой,
Былкылдабай дан болуп,
Чымындай жерде бүтүн жок,
Чылпылдаган кан болуп,
Абасы менен төрөсү,
Канчорону көрүүгө
Эки көзү төрт болуп.
Суусуну жок чөл экен,
Ажалдан мурун мендеси,
Өлүп калчу жер экен.
Ошол жерге келгенде,
Карааны жок, бели жок,
Кара, кылып олтурган
Каранкүн көкжал Семетей,
Бул өңдөнгөн шери жок.
Жетик согуш болгондо
Жээрендей көзү киртийип,
Күлчоронун этине
Жетимиш айза бир тийип,
Чама чарчап, ал кетип,
Чаркы кетип турду эле,
Күндө тынып калбастан,
Күн эсебин албастан,
Күндөп-түндөп урушкан,
Төртөө жүрүп жылкы алган,
Ким көргөн мындай жумушту.
Эр Мурадыл, көп балбан,
Арбайтып айза сунушуп,
Барбайтып балта көтөрүп,

www.bizdin.kg



Тутанып өлгөн кытайлар
Туш-туштан колду салды эле
Ортосунда оркоюп,
Ойрон Чоро калды эле.
Жапаа көрүп ат жүрбөй,
Жабылып кытай кетерде,
Жанын койбой Мурадыл,
Бээжинге байлап өтөрдө,
Башына коок кийгизип,
Жаңжалды жаман саларда,
Жабыла каптап балбандар,
Чорону байлап аларда,
Белге чыгып барганда,
Берендин жайы ушундай,
Белгилүү Бакай абакең,
Белестен көзүн салды эле,
Боз мунарык күйгөн чаң,
Тегеректеп кыйла кан,
Ортого калган жалгыз жан.
Күлчорону көргөндө,
Өткөрө мыкты эрендин
Кыргын салган кези экен.
Кызыталак Көгала,
Алышта турбай калган го,
Азык ичпес жан эле,
Акылы астоо бала эле,
Алмамбет уулу Чорону
Көөнү келсе Мурадыл,
Тегеректеп алган го.
Картайганда мен Бакай,
Казам жетсе өлөйүн,
Каарлуу кытай көп манжуу,
Кармалашып жатканда
Караан болуп берейин.
Жалтайбай кирип өлөйүн,
Берен Күлчоро уулума
Медер болуп берейин.
Дүмөктүү түйшүк салдырып,
Түгөнө турган заман кыл.
Кабылан тууган эр эле,
Жан – деп Кудай жаратса,
Чорону Кудай аман кыл.
Арышты арбын салайын,
Кол ичинде Күлчоро
Айланайын ботомду
Ажыратып алайын.
Көгала сакал мен Бакай
Өлбөй тирүү жүргөндө
Кай мураага жетейин.
Калың кытай манжууга
Бир Күлчоро бала үчүн,
Аралаша кетейин» –
Деп, өшөнтүп, эр Бакай,
Сан колду көздөй бурулуп,
Эки беттен аккан жаш,
Акырек ылдый куюлуп,
Каарланып сабылып,
Жаратканга жалынып:
«Манжуу менен урушта,
Башымды аман заман кыл.
Күлчоро менен Канчоро,
Семетей менен бул үчөө,
Үчөөнү Кудай аман кыл!
Желигип кытай жетеби,
Жетимдерге кез келбей,
Бир-бирден байлап өтөбү?
Бакбурчунга Дыңшага
Олжого алып кетеби
«Өгөөмдү коюп, бүлөөмдү ал,
Жаштарды таштап, карымды ал,
Экөөмдү коюп, бирөөмдү ал!
Карыганда мен Бакай,
Кайратты катуу салайын,
Көлөкө болгон балдарга
Курмандык болуп калайын!» –
Деп, өшөнтүп, эр Бакай,
Бадана* кийип балкылдап,
Бала каздай таркылдап,

www.bizdin.kg



Ак сакалы жаркылдап,
Көкчолок санга бир салып,
Көк найзаны колго алып,
Ээн талаага жол салып,
Эсил Бакай кол салып,
Жебеден мурун жетишип,
Айза менен аянбай,
Көп мушташып өтүшүп,
Каар төгүлүп бакырып,
Кагылайын Күлчоро,– деп чакырып,
Бет алганда, кан төгүп,
Жаралашып калды эми,
Бет алышып мушташып,
Аралашып калды эми.
Эчен күлүк аттардын
Ээри түшүп бооруна,
Басып жүргөн мындан көп,
Кээ бир кыйын балбандар
Аңгек, чуңкур жер издеп,
Шашып жүргөн дагы көп.
Куп сайыштын ичинде
Куюшканы үзүлүп,
Эчен кыйын тулпардын
Ээри кетип мойнуна,
Туйлап жүргөн мындан көп.
Айза тийип кокустан,
Учуп кетип окустан,
Алапайын таба албай,
Чымындай жанды жашырып,
Туйлап жүргөн мындан көп.
Бакай менен Күлчоро,
Чууга кирип калыптыр,
Айыкпай турган бир мүшкүл,
Дууга кирип алыптыр.
Айкайлаган калың кол,
Чууга кирип алыптыр.
Айкайлаган түмөн кол
Кез болорго кезикпей,
Кайнаган экен биздин шор.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Тажаал экен Мурадыл,
Баштагыдан күчөдү,
«Өзү тийген бурутту,
Өкүм кылып чоң кызык,
Кылбайт деген эмине?
Кызыталак бу журтту
Менде көргүз сонунду
Кылбайт деген эмине?
Барса келбес бөлөк жол,
Желбегендей кылалы.
Кайра тартып каканга
Келбегендей кылалы!»
Деп, өшөнтүп Мурадыл,
Атышы артык чыр салып,
Жээрде санга бир салып,
Кылкандуу айза колго алып,
Арандай ооз ачылып,
Каарлуу чыккан шилекей,
Мурутунда чачылып.
Капталдан колду салды эле,
Жердин үстү мунарык,
Көз жетпеген чуу болуп,
Кыйраган түшүп калды эле,
Мына минтип турганда,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Бу дүмөктү кылганда,
Манастын уулу эр Семең,
Аалам* журтту буй кылган
Шай колдогон шер* немең,
Астында Буурул канаты,
Колдон көрсө бир түмөн,
Жалгыздай көргөн адаты.
Сыр найзаны көтөрүп,
Сыртынан көрүп Мурадыл,
Беттешип бейпай салууга
Бакай менен Күлчоро
Ажыратып алууга,
Короздой болгон кайран шер,

www.bizdin.kg



Козголбогон курган эр.
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Окчонтой окту сологон,
Беттешкен менде кологон.
Ажалдан кайра тартпаган,
Өлүм десе өрттөнгүр,
Өңгөчө кайра кайтпаган.
Өчөшүнө тийгенде
Өзөн сууну байлаган,
Каарына алганда
Өз жакынын жайлаган.
Манастын уулу Семетей,
Каарланып чүмкөнүп,
Кардуу күндөй бүркөлүп,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алыптыр,
Кан ичмеси чын кармап,
Кудай алкап калыптыр.
Кожоңдогон чоң Буурул
Ойноктотуп сабуулап,
Ардай болгон Буурулду
Ок жаңылып кетпеске
Абай менен жабуулап,
Добулбас кулак тундуруп,
Барабан тартып жылдырып,
Жезнай үнү такылдап,
Керней, сурнай тарттырып,
Манастан калган Желмаян
Алты асый чыккан атан төө
Ок-дарыны арттырып,
Ардай болгон Буурулду,
Ээлендирип жулкунтуп,
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Кээ бир жерде союлгур
Учкан куш менен жарышып,
Окоро түйгөн ак тизгин,
Тарта албай колдо карышып,
Калакайлап жулкунуп,
Сыр найза колдо коркоюп,
Атасы Манас канкордон
Аманат калган Аккелте
Ай далыда жаркылдап.
Асмандан түшкөн Боз кисе,
Боз кисе белге курчанып,
Эпсиз журтсуз талаадан,
Мурадылга кол салып,
Семетей кирди бир жайдан
Минген аты Кулансур,
Ойноктотуп сойлотуп,
Айбандан бөлөк ойнотуп,
Беренден калган жети туу
Жети жерге орнотуп
Жеткен жерин сойлотуп,
Семетей кирди бир жайдан
Астындагы мингени,
Арышты арбын салыптыр,
Көбөш кандын Көктелки
Жайдак коштоп алыптыр.
Маңдай жаккы керүүдөн
Козголоң салып ок атып,
Кол каптоочу жеринен
Канчоро келип калыптыр.
Асмандан булут зирилдеп,
Көктөн жылдыз бириндеп,
Таң кашкайып, жел жүрүп,
Таңдын арты дүмпүйүп,
Жерге жарык тийгенде,
Таң кашкая сүргөндө,
Муздак жели урганда,
Жер көрүнүп турганда
Асман жарган чуу болуп,
Айза кармап эрендер
Кийлигишип калды эми.
Семетей, Бакай, Күлчоро,
Бөлүнүп жүргөн төрт жолборс
Биригишип калды эми.

www.bizdin.kg



Чымчык учпас кең сайдан,
Жоо кутулгус кең жайдан,
Ажал жетпес айзадан,
Күндө тынып калбастан,
Күн эсебин албастан,
Күндөп-түндөп салышты,
Казаттын жайы ушундай
Аянып кайдан калышты!
Айзакерден ыктуу өлүп,
Мурадылдын колунан
Балбандан нечен мыкты өлүп,
Луңту-Тейтең кан өлүп,
Ушу болгон урушта
Мал-жандардын баары өлүп.
Кылжээрденин оозун
Буруп чыкты Мурадыл,
Өз чачын өзү аткылап,
Жулуп чыкты Мурадыл.
Кылжээрдени койгулап,
Туйлап чыкты Мурадыл
«Кылдың, бурут, бизге!» – деп,
Ыйлап чыкты Мурадыл.
Каарлуу тартар сыр жебе,
Мурадыл салган аңгеме.
Ала коюп Мурадыл,
Карган Бакай эренди,
Бет алып Бакай беренди,
Балбандарды бакырып,
Кылча калбай жалгызың,
Кырылып такыр кеткин деп,
Балбанынын баарысын,
Чоң Чуйгучу карысын,
«Бакайды көздөй бетте – деп,
Өлчөң кеткен көп балбан,
Өкүмсүнгөн буруттан
Өлбөй бирөөң кетпе – деп,
Бу Бээжиндин шыйкысын,
Алдырып ийип Калчанын
Жер жайнаган жылкысын
Бу кордукту көргөнчө,
Туубай туна чөккүн – деп,
Тирүү калбай өлгүн» – деп,
Кайраттанып бакырып,
Манжуудан жыйган балбанды
Бирөөн койбой Мурадыл
Алган экен чакырып.
«Кыялуу жактан чалдырып,
Манастын уулу Семетей,
Канкордун уулу чунакка
Канча мүлктү алдырып,
Бээжинди кантип көрөбүз,
Беттешип жатып өлөбүз.
Каканды кантип көрөбүз,
Кармашып жатып өлөбүз.
Тутанып өлгөн бурутка
Маңдайкы жолду чалдырып,
Бар дүнүйө, сан кара,
Куу бурутка алдырып,
Кантип тирүү калабыз!
Качыргыла балбандар,
Атышты арбын салабыз!» –
Деп, өшөнтүп, Мурадыл,
Кызыл-тазыл көк күбө,
Ок өтпөгөн бек күбө,
Көрсө көңүл кандырган,
Ар ок өтпөс темирден,
Буруусу канча себилден
Бурч-бурчуна салдырган.
Ондон бүчү, бек топчу,
Көөхардан топчу муштумдай,
Көрсөң балбан Мурадыл,
Өрттөнгүр жайы ушундай
Зордугу тоонун теңиндей,
Качырса калкты жегидей,
Беттешип менде барбаган,
Атактуу кыйын Коңурбай,
Чынмачындын Бээжинде
Коңурбайдан бөлөк жан

www.bizdin.kg



Кайыр айтар калбаган.
Керикти көр, билди көр,
Көгала билдей чамынган,
Жоо дегенде камынган,
Мурадыл сындуу эрди көр.
Аран ооз сыр жебе
Сыр жебе колго алды эле,
Кудай бетин көрсөтпө,
Алтымыш дүрмөт, сексен ок
Аны катар салды эле,
Мурадыл жайы ушундай,
Белгилүү Бакай абаңды
Тартып туруп калды эле,
Ойногондо очогор,
Очогор колго алды эле,
Бир атканда Бакайды
Удаасы он эки атып салды эле.
Жарыгы жакшы сыр жебе,
Жармысы жаа аңгеме,
Жалаңкычтай Мурадыл,
Жабылта атып калды эле.
Жамгырды көр, чокту көр,
Жамгырдай жааган окту көр,
Мөндүрдү көр, топту көр,
Бөлүнбөй тийген окту көр.
Качан болсо канаты,
Кара кытай көп манжуу,
Жанына жаман зор келсе,
Күн жайлаган адаты.
Карыгандын жай ташты
Окчонтойлуу баштыктан
Оңбогур сууруп алды эле.
Тунуп аккан булакка
«Бурутка салдым дүмөк» – деп,
Уруп туруп калды эле.
Коктудан булут табылып,
Кыранга туман жабылып,
Асмандан аркайып булут бурулуп,
Жерге мөндүр куюлуп,
Шамал болуп, чөп толкуп,
Жер бузулуп кыбырлап,
Асмандан алты сай мөндүр шыбыргак,
Ачык күндү бек бүркөп,
Аскан экен Мурадыл,
Кастарлуу уруш, чоң жаңжал,
Салган экен Мурадыл,
Көкжал Бакай абаңыз,
Кыйланы көргөн абаңыз,
Тили чечен Бакайдын
Билимдиги болжолсуз,
Өзү чечен Бакайдын
Артыктыгы болжолсуз.
Даанышман Бакай карыя,
Бул далайды көргөн олуя.
Абаң Бакай үстүнө
Аябай күндү жайлады.
Амал кылбай калбады.
Бөксөнүн баарын мөндүрлөп,
Жаканын баарын жамгырлап,
Бетче жердин жыгачы
Тамыры чыгып сороюп,
Уйдай-төөдөй кара таш
Коктуга түшүп тороюп.
Аңгектин баарын тыгындап,
Адырдын баарын жыгындап,
Жер бузулуп дүркүрөп,
Тоо-тоонун башынан
Жөө туман жүрүп күркүрөп.
Катуу жайын салды эле,
Камбыл Бакай абаңыз,
Карап турчу жан бекен,
Ала канчык шыбыргак,
Туш-тушунан булуттун
Шамал айдап кыбырлап,
Өзү жайчыл зор Бакай
Жайлап күндү ачты эле,
Талаанын баары буу болуп,

www.bizdin.kg



Булуттун баары бөлүнүп,
Дүнүйө жүзүн карасаң,
Мелтиреп тунуп көрүнүп,
Жер көрүнүп калганда
Каарлуу балбан Мурадыл
Аскери арбын кол болуп,
Бакайды көздөй козголуп,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Мурадыл буйрук кылган соң
Туш-тушунан камынып,
Турбай каптап жабылып,
Айзалуу кара манжуусу
Айза менен жетти эле,
Өңгүл-дөңгүл балбаны
Картайган Бакай абаңды
Ортосуна алганы.
Көк темирден туулга
Балта тийип майышып,
Тобокелдеп, эр Бакай
Ашпай-шашпай сайышып,
Астындагы Көкчолок,
Ал Бакайдын тулпары,
Желгенине жел жетпей,
Казатка көнгөн Көкчолок,
Басканына мал жетпей,
Бура тартса жылт коюп,
Буйдалбастан жүгүрүп,
Бу согушта Көкчолок
Буудандык сыны көрүнүп.
Эти кызып ээлигип,
Эсеби жок желигип,
Абайласаң Көкчолок,
Ала качып дыркырап,
Туякка тийген кара таш,
Кырынан кыйрап быркырап,
Туягы жерге илинип,
Тулпардык сыны билинип,
Ошо күнү Көкчолок,
Оболку күнчө жүгүрүп,
Кылжээрдечен Мурадыл,
Токушкерден балбаны,
Эчен кыйын жандары,
Эл четинде эрени,
Алты миң кытай, сан калдай,
Эр Мурадыл берени,
Бакайды байлап алууга,
Кармап алып абаңды,
Курмандыкка чалууга
Казаттын жайы ушундай,
Каарланды Мурадыл;
«Атаңдын көрү, балбаным,
Карыган Бакай эренин
Каптагыла балбандар,
Береги Бакай беренин.
Айлакерден ыктуусун,
Билбегенди билгизчү
Билимдүү Бакай мыктысын
Эбин таап кармап алгыла
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаргыла.
Аңгеме кылып минткиле,
Кызыталак Бакайдын
Бир бокчосун тинткиле!
Кылыч сүйрөй киргиле,
Кыйындап тынбай салышып
Кыйыгына тийгиле.
Бакайын байлап алгыла
Башын кесип байланып,
Алтын түркүк чатырга,
Эр Коңурбай баатырга
Сүйүнчүлөп баргыла,
Жалгыз турган Бакайды
Жалмабасак өлөлү,
Ушунтүп тирүү тургуча
А дүйнө жүзүн көрөлү,
Балбаныңар, эриңер,

www.bizdin.kg



Жердин чегин кайтарып,
Балбаныңдан келдиңер,
Каарды катуу салалы,
Карышты мыктап күчөтүп,
Айла тапкыч акылман,
Бакайын кармап алалы.
Кабарыңда бар бекен,
Белгилүү ушул, бел ушул,
Берен Бакай эр ушул.
Какандын журтун камаган,
Баатыр Бакай Көкжалдын
Манжуунун каны Эзкара
Кайратына чыдабай,
Качып чогуу кологон,
Манасынан Бакайы
Эр экени билинген,
Бээжиндин Кары канынын,
Даңзасына чийилген.
Дүмөктүү Бакай эр ушул,
Бакайды тындым кылбасаң,
Аябаган шер ошол,
Бээжинге казат болгондо,
Чет-Бээжиндин коргондо,
Туусун туура бурганда,
Бээжинди камап турганда,
Капкага баккан жайсаңды,
Аны да Бакай кайсады.
Капканын оозун кан кылып,
Темир аркан торчонду,
Тегиз канжарколчонду*
Төбөсүнөн басты эле,
Төрт шаар журтту чачты эле.
Балбандан кыйын кыйраган,
Бул Бээжин журту чуркурап,
Катын-кыздар ыйлаган.
Билге жүктөп дилде алган,
Топон суу жетпес Бээжинге
Токтолбой жетип кол салган
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган сулуудан
Жылоого тартып кызды алган
Эрди сайса ким сайган,
Эр кырк чоро* кул сайган.
Арбагы кетип Таласка,
Аты калган Манаска.
Кыргын салар зор Бакай,
Бу кызыталак жоголбойт.
Бакай кан жоксон болбосо,
Кытайдын иши оңолбойт.
Картайса да Бакайдын
Эр экени дагы чын,
Айла тапкыч, заары күч,
Акылга дыйкан Бакайдын
Шер экени дагы чын.
Айланайын, балбандар,
Аянбай каптап алалы,
Аңгемени Бакайга
Ээн талаада салалы.
Бакайдын башы чоң дары,
Белдүү жоонун башы деп,
Бээжиндеги чоң канга
Бет алып тартып баралы.
Чет-Бээжиндин кандыгын,
Жетсек сурап алалы.
Тутанып өлгөн зор Бакай
Туура тийсе колуңа,
Бу кытайдын иштери
Анан түшөт оңуна.
Айлакер Бакай жоголсо,
Төбөлөшкөн буруттун
Төбөсүнөн басабыз,
Төрт түлүгүн чачабыз.
Таластан тийип бээсин,
Дардайтып байлап алабыз,
Канкордун уулу Семетей,
Бул өңдөнгөн дөөсүн,
Чыгарабыз буруттун
Капкайдагы кээсин.

www.bizdin.kg



Балдарын байлап алабыз,
Бакайдын көзү жоголсо,
Балакетти салабыз.
Бакай кетсе бел кетет,
Айла табар жан калбай,
Андан кийин минетет».
Балбандарды бакырып,
Баатырларды чакырып,
Арбайып айза чабышып,
Адамдын башы кагышып.
Чокморчону, балбаны,
Чогуу каптап туш-туштан,
Бакайга колду салганы,
Айзага камбыл Мурадыл
Айкырык салып, камчы уруп,
Айза имерип, чың туруп,
Оң жагынан кирди эле,
Дөңгүл, дөөдүр балбаны
Тегеректеп калганы.
Көкжал Бакай абаңа
Көмкөрүлүп чуркурап,
Туш-туштан айза салганы.
Көкчолок күчөп жүгүрүп,
Кош бадана ок өтпөс,
Айза катуу тийгенде,
Кат-катынан бөлүнүп,
Айза мыктап тийгенде,
Ак була учуп калдактап,
Айзасы мыкты учтуусу
Бөйрөгүнөн жабылды.
Ала турган немедей,
Ал Бакайга камынды.
Эр Мурадыл баш болуп,
Балбандын баары жабылды.
Дүмөктү түптүз баштады,
Мурадыл айза сайганда,
Көкчолоктун үстүнөн
Көкжал Бакай абаңыз
Учуп кете жаздады,
Түрдүү-түрдүү балбаны
Түз кирип айза сайганы.
Кулак тунган чуу болуп,
Кудай бетин көрсөтпө,
Баш жарылган дуу болуп,
Ала турган болду эми.
Абаң Бакай каргандын,
Төбөсүнө мүшкүлдү
Сала турган болду эми.
Абасы Бакай карыя
Кагыштан казат бергин деп,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран башым көргүн деп,
Абаң Бакай акжолтой,
Ак сакалы жаркылдап,
Калың кытай Мурадыл
Айзалашып калтылдап,
Каары келсе какайып,
Кайраттанып зыргытып,
Кээ бир балбан айза урса,
Кеп кылбастан эр Бакай,
Колунан сууруп ыргытып.
Бет алышып турушуп,
Мээнет тартып урушуп,
Ажалы жок кутулуп,
Бакай кандын көк зоот,
Канжыгадай тытылып.
Кармашты канча салышып,
А кытайга алдырбай,
Кайраттуу тууган эр Бакай
Какандашып калышып,
Согуш алды чоң чумкур,
Капка-Ташка токтоду.
Качан балдар келет деп,
Абасы минтип жатканда,
Каарды катуу салар деп,
Канчоро менен Күлчоро,
Канкор Манастан калган Семетей
Абакеси Бакайды

www.bizdin.kg



Качан жетип бу балдар,
Ажыратып алар деп,
Ажыратып албаса,
Кытайдан Бакай өлөт бейм,
Көз жумулуп кеткиче,
Кыстоону куу жан көрөт бейм.
Чамам чарчап, ал кетти.
Тутанып өлгүр Мурадыл,
Туура кызык кылат бейм.
Көкчолок турду бүгүлүп,
Көкжал Бакай абаңыз,
Минтип жандан түңүлүп,
Марал айдап, уй кылган,
Бала кезде Бакайың
Басташкан жерди буй кылган.
«Андакыдай чамам жок,
Арып калган экемин.
Этим качып, сөөгүм бар,
Карып калган экемин» –
Деп, өшөнтүп, зор Бакай,
Жаза тартып кордукту,
Көргөнү келген экемин.
Бул өрттөнгөн кытайдан
Өлгөнү келген экемин.
Алмамбет уулу Күлчором
Минген аты сур эле,
Телегейи тең эле,
А дүйнө кеткен Алмаңдан,
Зайыпуруш балбандан
Артылта тууган уулу эле.
Айкай салып Күлчором,
Кагышка качан жетер деп,
Карган Бакай абасын
Калжаңдатпай бул жайдан,
Качан жетип кыраандар
Ажыратып кетер деп.
Айзага таккан желегим,
Асыл Манас көкжалдан
Мурага калган эреним.
Көгала туйгун болпоңум,
Манастан калган чолпонум,
Ач арсландай эреним,
Алдейлеп баккан Букарга
Бир Семетей береним.
Атышты качан салар деп,
Айласы кеткен абасын,
Өлгөнү турган бабасын
Качан жетип Семетей,
Ажыратып алар деп,
Кең-Алайды жердеген,
Келберсиген эр деген,
Кайран жандын ынагы,
Көк ырапыс тон кийген,
Көгала тулпар ат минген.
Көк найзаны колго алган,
Жетимиш илек* жоо келсе,
Жеке аралап кол салган.
Ач кыйкырык, куу сүрөө,
Асылы ойгут кыргыздан,
Адамдын алы жетпеген,
Арысландын тиши өтпөгөн.
Акбалтай уулу Чубактан
Алышкан жоого чоң дүмөк,
Туу баштаган чунактан,
Белекке калган Канчором,
Качан жетип бул кулга,
Кыргынды кызык салат деп,
Кыстоодо Бакай абасын,
Качан жетип балдарым,
Ажыратып алат деп.
Жүрөгү туктүү болсун деп,
Аяш катын Каныкей,
Тегиз жетим чунактын,
Эмчегин каалап эмиздим.
Жүрөгү майлуу болсун деп,
Казы менен картанын
Майлуу жерин жегиздим.
Кечээ, аргын, кыргыз ой тартып,

www.bizdin.kg



Конуп жаткан кезинде,
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп жаткан кезинде,
Эселек эрдин бирөөнө
Качан балан дегиздим?
Алдейлеп баккан жетимдер,
Атышты арбын бу жайга
Сала турган күн барбы,
Аман-эсен абасын
Ажыратып кытайдан
Ала турган күн барбы?
Тутанып өлгөн бу кытай,
Туура кармап алат бейм,
Туура Бакай сенсиң деп,
Курмандыкка чалат бейм.
Кескилеп жатып өлтүрүп,
Кекти минтип алат бейм?
Каңырыгы бек түтөп,
Кытай менен Мурадыл
Кылымдан чыккан эр менен
Кыйраган деп урушуп,
Согуш кылган жер менен
Чыдап Бакай турду эле.
Алкым жагы мунарык,
Ээр белдей белестен,
Урунарга тоо таппай,
Уруша турган жоо таппай,
Казып койгон ор таппай,
Кагыша турган кол таппай,
Зордугу тоонун теңиндей,
Кагышса жанды жегидей,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Койгулашкан айзага
Коркуп колтук ачпаган,
Колуна тийген душманды
Коендой жерге жанчтаган,
Ичсе канга тойбогон,
Алышканды койбогон,
Жыргал десе күйүнгөн,
Жоо дегенде сүйүнгөн,
Атасы Манас канкордон
Артылта туулган Семетей,
Темиркандын шаарына
Тентип барып зор болгон,
Каракандын шаарына
Качып барып оңолгон.
Жетим жүрүп жетилген,
Жергеге эптеп кошулган.
Берендин уулу Семетей
Белди бекем бууганы,
Бээжиндеги Коңурбайдан
Манастын кунун кууганы.
Огойдон он төрт ат алып,
Олуя тобо Бакайдан
Он эки сапар бата алып,
Бээжинге чыккан белсенип,
Бери ургандай теңселип,
Манастын уулу чунактын
Кайсы дартын айталы,
Кармашары каканчын,
Касташканы Коңурбай,
Жоготкону он төрт ат,
Жоолашары Мурадыл,
Семетей түрү мына бул.
Ортолук Кең-Кол жайлаган,
Олуша чыгар жоо болсо,
Өлүшпөй тирүү калбаган.
Бейдаарат киши келбеген,
Укумунан тукумун
Бет алып душман жеңбеген.
Башкы атасы Огойдур,
Огой кайдан оңойдур.
Сомдуктун суусун бойлошкон,
Чокушканды сойлоткон.
Зом темирдей кара көк,
Семетей түрү момындай.
Үч айланган жерине

www.bizdin.kg



Үйдөй чынар тал бүткөн.
Оңой эмес көкжалга
Олуялар жар бүткөн.
Кошун тиккен жайына
Короодой чынар орногон,
Канзааданын уулуна
Каяша берген болбогон.
Суу жут десе, уу жуткан,
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Аколпок түрдүү тон кийген,
Алтымыш илек жоо чыкса,
Аянбастан бир тийген,
Эрдиги журтка билинген,
Кармашканы бүлүнгөн.
Эр Семетей көкжалың
Ээр белдей мойнокто
Токтоп турган кези экен.
Атамдан калган мурапым,
Арыслан Бакай көкжалым,
«Абам кайда кеткен?» – деп,
Онжоңдотуп Буурулду,
Ойдолотуп каранды,
Токтотуп турган чагы экен.
Ойрон Бакай абаңдын
Дайыны кайда болду деп,
Жоктоп турган кези экен.
«Караса көзгө илинбей,
Олуя толуу эр Бакай,
Кайда экени билинбей,
Кыямат жүзүн көргөн бейм,
Чалгынчыга кез болуп,
Карган Бакай өлгөн бейм.
Кайра тартпас чын жайды
Кайран киши көргөн бейм» –
Деп, өшөнтүп, Семетей,
Буурулдун оозун бурду эле,
Бакайды жоктоп турду эле.
Токумдай жерде тоо жок,
Токумдай болгон коо жок.
Буурусун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок.
Айдай болгон талаанын
Сайылган нары бетинде,
Мунарык түшүп бурчтанган,
Көз тунарып урчтанган
Эл жүрбөс ээн талаанын
Эңкейип кирген боюнда,
Көкчолок менен заңкайып,
Чаалыгып Бакай калыптыр,
Кылжээрде менен Мурадыл,
Кыйкырып айза сайыптыр.
Алты миң кытай, кырк калдай,
Арыслан Бакай абаңды
Тегеректеп калыптыр.
Кутба жакты бет алып,
Куу айзаны сунушуп,
Кулжундашып урушуп,
Карганда Бакай абакең
Кайрат кылып турушуп.
Бөлөкчө чолок малы бар,
Бөрүдөй Бакай кабылан
Чалмачы аркан таштаса,
Дүмөктү мындай баштаса,
Адис Бакай абакең
Салдырбай турган кези экен,
Айзакерден алптарга
Сайдырбай турган кези экен.
Ээр белдей мойнокко
Токтоп турган кези экен,
Эсил балдар кайда деп,
Жоктоп турган кези экен.
Кытай кыстоо салганда,
Кырымдын уулу Мурадыл
Тегеректеп алганда,
Асыл Бакай абаңыз,
Аманат жандан түңүлүп,
Эң күч кылчу эки кол,

www.bizdin.kg



Кыймылдабай шал болуп,
Бүткөн бойдун баарысы
Былкылдабай дал болуп.
Чокморчон качып кутулуп,
Чопкуттун баары тытылып.
Айзалашып кайрылып,
Зооттун баары айрылып.
Бакай канды курчаса,
Бардигер балбан толуптур,
Бакай эр жалгыз салышып,
Башкача дүмөк болуптур.
Астындагы Көкчолок
Күлүккө салып жөлөнүп,
Көнөктөй болгон кайран баш
Кыпкызыл канга бөлөнүп.
Жомок кылса чоң кызык,
Кытайлардын Мурадыл
Бакайга салган чоң кызык.
Балааны Бакай баштады,
Бала төрө Семетей
Ардай болгон Буурулдан,
Ачууланып эр Семең,
Учуп кете таштады.
Ачууланып шер неме,
Тайбуурул санга бир салып,
Сыр найзаны колго алып.
Каарланып бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Белекке калган жети туу,
Жети жерге орнотуп,
Жеткен жерин сойлотуп.
Онжондогон Буурулду
Оңго тартып чуратып,
Муштаганда Семетей,
Олойгон кара калмакты
Он экиден кулатып.
Жети жүзүн майдалап,
Жеткен жерин айзалап,
Семетей кирип калды эми.
Анын бир жак жагынан,
Астындагы Көгала
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Каарланып бакырып,
Карган Бакай абасын
Абакелеп чакырып,
Күлчоро кошо кол салып,
Туурадан чыкты бакырып,
Чубактын уулу Канчоро,
Астындагы мингени
Көбөш кандын Көктелки,
Көчкү жоону сапырып,
Желиккенден ойнотуп,
Жеткен жерин сойлотуп,
Жеткилең согуш болду эми.
Түз талаанын баарысын
Асман ачык, жер бүркөө
Мунарык түшкөн чаң болду.
Кокту, чуңкур жерлерге
Коркурап кара кан толду.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү боо түшүп,
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү тоо түшүп,
Ошол колдун ичинде
Эмине болбой, нелер жок,
Акылынан айрылып,
Шашып жүргөн адам көп.
Манастан кыйын экен деп,
Жансоогалап далай кол,
Качып жүргөн дагы көп.
Куюшканы үзүлүп,
Эчен күлүк аттардын
Ээри кетип мойнуна
Эч айласын таба албай,
Шашып жүргөн дагы көп.
Атышты арбын салды эле,
Ак сакал Бакай карысын
Балбандын темир торунан,

www.bizdin.kg



Мурадылдын колунан
Ажыратып алды эле.
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Үзүлгөнүн улашып,
Чачылганын жыйнашып,
Чакчелекей чаң болуп,
Жердин үстүн карасаң
Кызыл мунар кан болуп,
Кыргынды кызык салыптыр,
Бакай эмес, он төрт ат
Балдар кирип урушуп,
Ажыратып алыптыр.
Колго тийген тулпарлар,
Баштагы бабамдын эни ушул деп,
Оң кулактын учуна.
Огойдун оюк энин салыптыр.
Көргөндө болбойт эч арман,
Кыраандарың барында
Кытайга салган чоң жаңжал,
Мына минтип тургуча,
Ачып көзду жумгуча,
Айта-буйта дегиче
Тоодой болгон Мурадыл
Кырынан чалгын салыптыр.
Кызыгып туруп Бакайга,
Кыраандарын алдырып,
Өкүргөндөн бакырып,
Дүмөк тартып кайгырып,
Алты миң кытай, сан калдай,
Балбандардан айрылып,
Чыңоосун айза таябай,
Чындашмак болду Мурадыл,
Чымындай жанын аябай.
Кадоосун айза таябай,
Кармашмак болду Мурадыл
Кара жанын аябай.
Атышты арбын баштады,
Малы түгүл жанынан
Такыр кечип таштады.
«Алдырып салып бурутка,
Аз гана бурут журтка
Каканды кантип көрөйүн,
Балбан кол кайда дегенде
Чынмачындын чоң канга
Кантип жооп берейин.
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Буруттун калсе бузукту
Бу талаада көрөйүн.
Былкылдак куурай бышкыча
Мыктап алты ай салышып,
Мыжышып жатып өлөйүн» –
Деп, өшөнтүп, Мурадыл,
Кыл жээрде санга бир салып
Чыдай албай Мурадыл,
Чылгый ичи өрт жанып,
Каарланып бөлүнүп,
Кабылан окшойт, эр окшойт
Кан иччү түрү көрүнүп.
Төбөгө үйүрсө айбалта
Төбөңдөн тийген бачагар,
Гүл-гүр этип балтасы
Учкан куудай күүлөнүп,
Буруттан өлүп кетем деп,
Өлбөй барып каканга
Не муразга жетем деп,
Камбыл экен Мурадыл,
Кандуу бети чок болуп,
Эки көзүн карасаң,
Шыркырап күйгөн от болуп,
Аркасында айдар чач,
Ачуусу келген карандын
Өөдө туруп сүксүйүп,
Бөлөк түрү бөлүнүп,
Жалаңкыч түрү көрүнүп,
Жай-жарагын жайланып,
Зоот-жарагын байланып,
Кылжээрде санга бир салып,

www.bizdin.kg



Карагайдан айза алып,
Ээр белдей мойноктон
Кылжээрде оозун бурду эле,
Чубактын уулу Канчоро,
Канчорону карады.
Качырып айза сунду эле,
Айта-буйта дегиче,
Кемердин бери бети деп,
Өпкөнүн төмөн чети деп,
Комокойлуу сыр найза,
Кош колдоп мыктап бек кармап,
Кутургур жайы ушундай,
Куп шыкаалап урду эле,
Мурадылдын айзасы
Канчорого жетти эле,
Көктелкинин үстүнөн,
Кулап жерге жетти эми.
Тоо кулаган немедей
Канчоро кулап кетти эле,
Анын ар жак жагында
Олуя уулу Бакайдын
Оң жагынан жетти эми.
Бакайды муштап өттү эле,
Айзасы белден бүктөлүп,
Аманат жанга күч келип,
Кулап Бакай кетпестен,
Көзү кетип алактап,
Буту кетип салактап,
Эстин баары жоголуп,
Сүрдүгө түшүп оңолуп,
Кырымдын уулу Мурадыл
Кармашты катуу баштады,
Камбыл Бакай абакең
Көкчолок тулпар үстүнөн
Учуп кете жаздады.
Алактап көзү жайнады,
Чочугандан чоң Бакай,
Кудай сактай көргүн! – деп,
Куюшканды кармады.

Аттан түшкөн чорого,
Атасы кыраан Алмамбет,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Күлчоро жайы момындай,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Артыкча туулган кайран эр,
Атына катаар жүгөнү,
Аруукенин боюнда,
Алты ай калган боюнда,
Алмамбеттин күмөнү.
Баатырдыгы башкача,
Бала жолборс шер экен,
Эр Семетей көкжалга
Темирден коргон чеп экен.
Ал Күлчоро кыраанын,
Кең көкүрөк, чалкар төш,
Келберсиген көйкашка,
Азар түмөн кол келсе,
Асман жарып мол келсе,
Жеке аралап кол салган,
Алгыр түрү дагы бар.
Ай-ааламга буй кылып,
Барчу түрү дагы бар.
Ылаачын сындуу, ыктуу кул,
Бала тапан мыкты кул.
Айзага артык камбыл кул,
Акылга дыйкан даңгыл кул,
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Ажалдан кылча качпаган,
Кош бадана, торгой көз,
Ок өтпөс мыктап кийинип,
Кармашкан жоону көргөндө,
Кабагым дебей, каш дебей,
Кыз кайнын көргөн немедей,
Кызарып күлүп сүйүнүп.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Оңой эмес Күлчоро,
Он эки түмөн кол келсе,

www.bizdin.kg



Козголбостон бир тийген.
Бөрү сындуу кабылан,
Бөлөкчө туулган Күлчоро.
Минген аты сур болгон,
Өзүн шай колдогон шер болгон.
Атасы Алмаң көкжалдан
Артылта тууган эр болгон.
Канчоро аттан түшкөн соң,
Шамдагайы болжолсуз,
Жебеден мурун жетти эле,
Мурадылга жеткизбей,
Чорону атка мингизип,
Алып жүрүп кетти эле.
Андан кайра тарткыча,
Кудай бетин көргөзбө,
Кайраттанып Мурадыл,
Камбыл кул экен турабы.
Айзага адис ыктуу экен,
Сайышкан жоонун айласын
Артык билген мыкты экен.
Атасы артык чоң улук,
Өзү Какандан келген тоорулуп,
Өңүрөйгөн кабагы,
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнсө жанды соргудай.
Муруну чөлдүн буткулдай,
Бура тартпай жөн эле,
Булкушканды жуткудай.
Белгилүү экен, бел экен,
Бээжинден чыккан эр экен.
Артык жайчы-сыйкырчы
Айлага толук неме экен.
Каканчындын Бээжин журт,
Калкынын баары чогулуп,
Мурадыл балбан дейт экен.
Алышса жанды койбогон,
Бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон,
Белгилүү балбан эр экен.
Семетей менен беттешип,
Бейпайлашар кези экен.
Эч ким чыдап баргысыз,
Эңкейтип менде алгысыз,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Мурадылдын келбети,
Өзү көркөм кан экен,
Атагы артык дебесе,
Коңурбайча бар экен.
Жаткан иттей кашы бар,
Жан казандай башы бар,
Сайылып чыккан муруту,
Самсаалап көзгө көрүнүп,
Саат баскырды байкасаң,
Өтөккө чыккан чалкандай,
Мурунунун чоңдугу,
Балбандар кийчү калкандай.
Кырымдын уулу эр чиркин
Чоң-Дыңшада туулган,
Таш сайынган кытайдын,
Тазаларын токмоктоп,
Бээжинге салган чуулган.
Белсенип таштап эр чиркин,
Көгала айза колго алып,
Элсиз жайды бойлогон,
Бу Мурадыл кан менен
Кез болгон тирүү болбогон.
Акылга дыйкан жан экен,
Мурадылдын эрдиги
Ааламга толгус жан экен.
Ачууланып күрүлдөп,
Айбаты артык бөлүнүп,
Абайлап көрсө бу чочко,
Арыслан түрү көрүнүп,
Кытайдан чыккан эр экен.
Бу кытайга калганда,
Добул урса, жел тийгиз,
Булуңча токой чер экен.
Кагышканга жол бербес,

www.bizdin.kg



Өзү канкор уул экен,
Балбандарын алдырып,
Чыдай албай Мурадыл,
Жалгыз калган кези экен.
Ээлигип, күркүрөп,
Эсеби жок Мурадыл,
Мингени тулпар Кылжээрде,
Тартып оозун бурду эле,
Күлчорону караса
Качырып айза сунду эле.
Капырдын болот айзасы
Чоң-Бээжиндин чөл-камыш,
Чөл-камыштан жулдурган,
Усталарга бурдурган,
Бил терисин каптаткан,
Көлөкө жерге сактаткан.
Учу болот, кара курч,
Козу боор учтан улаткан.
Алышканды сулаткан,
Сайган жерде көк найза
Сынып кетпей сыйпалгыр,
Түптүз болуп ийилген,
Түпөгүн кылдан орогон,
Алышка артык жорогон,
Караңгыда сунганда
Көрсө көңүл бөлүнгөн,
Жылдызданып сыйпалгыр,
Чычаладай көрүнгөн.
Камчы тийсе каңк эткен,
Чымын консо жөн эле,
Добулбастай заңк эткен.
Колдон тайып кетпеске,
Он эки кылдан тактырган,
Жоого ылайык жактырган.
Жонуна көк жол тарттырып,
Казынага бактырган.
Бул айзасын колго алып,
Күүгүмдө күндөй бүркөлүп,
Күңгүрөнүп алыптыр,
Күчөнө кармап айзасын,
Алмамбет уулу чорого
Айза сунуп салыптыр.
Астындагы Кылжээрде
Кармашка минип, ташка өскөн,
Мал көрбөстөн башка өскөн.
Башына үкү тактырган,
Арам өлгөн чочкону,
Бирөөнүн көзү тиер деп,
Караңгы жайга бактырган.
Беш маал ондоп токуткан,
Беденелүү чоң күлүк,
Кармашкан жоону чочуткан,
Каран калган Кылжээрде,
Кетмен туяк, кең cooру,
Кенен жердин тулпары,
Жото жилик жонгондой,
Жолуң каткан карандын,
Жонуна жору конгондой.
Сом туягы чарадай,
Ай соорусун сурасаң,
Бай жайлаган талаадай.
Чаткаягын карасаң,
Табылгы чыккан колоттой,
Маңдайында кашка тиш,
Таптап койгон болоттой.
Балтыры бука белиндей,
Басыгы сырттын желиндей,
Куйругу көркөм, жалы бар,
Ошондой тулпар жаныбар.
Каңылжары каңкайып,
Жарма куйчу челектей.
Кабыргалуу казанат,
Калбыр өпкө, үкү аяк,
Куугун кууса куткарбас,
Алышканга болгон маш.
Каканчынын, Дыңшанын
Орто жерин чалдырган,
Буттап алтын – зер берип,

www.bizdin.kg



Мадаң-Шаңдын элинен,
Ошо жерден алдырган.
Жел кайыптан жалгашкан,
Жеткилең тулпар жээрде
Кылжээрдеге камчы уруп,
Кытайлардан Мурадыл,
Айбаты тоодой көрүнүп,
Оозунан көк жалын
Октос берип төгүлүп.
Күлчорого бет алып,
Күрс айзасын көтөрүп,
Кылычын кармап элеңдеп,
Кылып ийчү немедей,
Жоо-жарагын белендеп,
Көк темирден туулга,
Көмкөрүп башка кийиптир,
Сокбилектей айдар чач
Төбөгө кынай түйүптүр.
Күлчорону бет алып,
Күп-күп этип күүлөнүп,
Каптаган селдей түрлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Кайраты ташып жинденип:
Бул өрттөнгөн Күлчоро
«Өзөндөн күйгөн өрт эле,
Өзөккө бүткөн дарт эле,
Өздөн чыккан жоо эле,
Атасы албан эр эле,
Кыргын салып балбанга,
Кызыкты баштап кандарга,
Талак кылып буттарын*,
Талкалап кытай журттарын,
Өлбөгөн түрдөн калышып,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Мыктап алты ай салышып,
Азапты артык баштаган,
Өз атасын Бээжинге
Туура союп таштаган.
Алтын тагын майлаган,
Ачуусуна кезиксе,
Өз атасын жайлаган.
Көңүлү калып Бээжинден,
Көчүп кеткен Таласка,
Айыл конгон Жакыптын,
Жалгыз уулу Манаска.
Ал атасы Алмамбет
Чет-Бээжинде туулган,
Буруттан баштап кол алып,
Канкор Манас зорду алып,
Күтүп Талас жерди алып,
Күрдөлүү Бакай эрди алып,
Бээжинге салган чуулган.
Арышы арбын билинген,
Ал жаңжалы чочконун
Доор-кыямат болгуча,
Атагы өчпөй жүрсүн деп,
Чоң даңзага чийилген.
Кармашпай тынчып жатпаган,
Капырдын кылган чатагы,
Чоң бичикке* каттаган.
Алмамбет өлүп, Арууке,
Ошол бейбак тул калган.
Өрттөнгөн кулдан туулуп,
Бул Күлчоро уул калган.
Жетиминен жетилген,
Жергеге эптеп кошулган.
Саздактан чыккан ок экен,
Жайнаган кызыл чок экен.
Жалаңкыч сындуу кызыталак,
Менде уулунда жок экен.
Оң далысы кең экен,
Он эки мүчө тең экен.
Ойротту* бузар шер экен.
Менде азарын салбаган,
Бу жалганчы дүйнөдө
Укурук кайрар калбаган,
Жүргөнүнөн чаң чыккан,

www.bizdin.kg



Кармашынан кан чыккан,
Кайратынан жан чыккан.
Аракка тойбос жан экен,
Кемелиңе келбегир,
Керилген жаштоо бала экен.
Алагай көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Жүрөгү түктүү кези экен,
Жети сан жоого бир тийген
Желмогуздун өзү экен.
Кабагы бийик кашкача,
Качырса түрү башкача,
Кыргын кылса Бээжинди,
Чамасы келчү уул экен,
Кызыталак канкорго
Орнотулган туу экен.
Ушул турган Күлчоро
Ак марал айдап уй кылар,
Алышкан жерди буй кылар,
Көк марал айдап уй кылар,
Көздөгөн  жерди буй кылар.
Он эки капка Бээжинди,
Ойрон кылаар элимди.
Тутанып өлгүр кол салса,
Туш-тушунан кыйратаар,
Темир коргон чебимди» –
Деп, өшөнтүп, Мурадыл,
Кыйын кылыч зулпукор
Кынап алган кези экен,
Алмамбет уулу чорону
Сынап алган кези экен.
Тоюна токсон союптур,
Бурулуп барган Алмамбет
Мээнет баскан дүмөктү,
Белекке таштап коюптур.
«Бет алып кирип урушса,
Бел байлаган белимди,
Беттешсе кырып салат ко
Бээжинден чыккан эримди.
Кызыталак баланын
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт
Толкуп айза салышса,
Токтой калып чабышса,
Тоо туруштук бергисиз,
Чыдап адам келгисиз.
Телегейи тең экен,
Ала көөдөн, корс кыял,
Азганакай бул бала
Акыл жактан кем экен.
Акылы деңгээл болгондо,
Эрдик менен шердиги
Эсеби жок тең экен.
Жебеден мурун жетейин,
Жетип аттан кулатып,
Эптеп башын кесейин» –
Деп, өшөнтүп, Мурадыл,
Кайраттанган доңуздун
Оң жагында шалпылдап,
Алтындаган жан калта,
Оң билекте ийилүү,
Эшик эндүү айбалта,
Бүлдүргөсүн кабыштап,
Бура тартпай камбыл ит,
Ач билекке табыштап,
Астындагы  Кылжээрде
Күлчоро көздөй бет алса,
Ороңдогон чоң чочко,
Көк айзаны көтөрсө,
Куланча кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Булуттай учуп дыркырап,
Баскан жерин карасаң,
Кемегедей быркырап,
Алмамбет уулу чорого,
Жебеден мурун жетерде,
Жетип сайып өтөрдө,
Аркасынан Семетей,

www.bizdin.kg



Көңүлгө батпай көп санаа,
Чорону Кудай сакта деп,
Турганы муздай боз талаа.
Асманда күн да бүркөлүп,
Канкор шердин башына,
Алтымыш санаа бир келип.
Жыйырмага жашы жете элек,
Ай жыргалым Күлчоро,
Каныкейдин эмчеги
Таңдайынан кете элек.
Боконо сөөгү толо элек,
Алышар чагы боло элек.
Кабырга сөөгү толо элек,
Кармашар чагы боло элек.
О, кудурет, сактай көр,
Буурулдан башка буудан жок
Кара кылган Канчоро,
Көлөкө кылган Күлчоро,
Экөөнөн башка тууган жок.
Эңкейип кетсем ээрим жок,
Эч болбосо жээним жок.
Баладан башка караан жок,
Кармашканым каканчы,
Каканга келип кайрылып,
Кадыр алда сактай көр,
Караан кылган балдардан
Ушул жерден айрылып,
Кантип тирүү кетейин.
Өгөөмдү таштап, бүлөөмдү ал,
Экөөмдү таштап, бирөөмдү ал,
Жетиле элек жетимге
Ай жараткан, көзүң сал.
Атышты арбын салайын,
Каарлуу капыр колунан
Айланайын Күлчором,
Ажыратып алайын.
Баатырлык башым барында,
Балдарды кантип берейин.
Башка эр окшойт Мурадыл,
Барбандашып көрөйүн.
Ардай болгон Арбуурул
Буурулдун оозун бурду эле
Мурадылды карата
Комокойлуу сыр найза,
Манастын уулу Семетей
Күркүрөтө сунду эле.
Ак сакал Бакай абасы,
Аң-таң калган чоң кызык,
Алышканын карачы.
Бил терисин каптаган,
Жоого урууучу добулбас,
Жоондугу үч кулач,
Жоого жакын калганда,
Жоого ылайык добулбас,
Кагаарда чабат карасаң
Картайган Бакай балбаны,
Анча-мынча кулактын
Чогуу чыгат далдалы.
Манастын уулу Семетей,
Мурадылга бет алса,
Абасы Бакай ак жолтой,
Алтын жаак айбалта.
Алып кармап имерип,
Орто жерге добулбас
Тартып келип жиберсе,
Жер айрылып заңгырап,
Кулак тунуп аңгырап,
Манастын уулу эр немең,
Астындагы Буурул ат,
Булуттай учуп жөн эле,
Чу! – десе арттан суурулат.
Көкүлдү көккө зыргытып,
Туякты жерге мылгытып,
Кара болот ооздук
Көмөкөйгө каккылап,
Тал жибектей куйругун,
Чаткаякка чапкылап.
Омбул-домбул түйүлүп,

www.bizdin.kg



Опол-Тоодой чоң Буурул,
Оңко аткандай түйүлүп,
Маңкаң-маңкаң бастырып,
Дөңкөңдөтүп желдирип,
Жаадай учуп зор Буурул
Капкандай бели ийилип,
Кара жерди токмоктоп,
Жаачыдай учуп жүгүрүп,
Кытайлардан Мурадыл
Күлчорого жетерде,
Жетип муштап өтөрдө,
Манастын уулу Семетей
Баатырлыгы* адамдан
Озуп калган чагы экен.
Капталынан Мурадыл
Качырып муштап өтүүгө,
Абакеси Семетей
Тозуп калган кези экен.
Даанышман экен сабаты,
Астындагы Буурул ат
Семетейдин канаты.
Жер тамандап закымдап,
Калган экен канкор шер
Мурадылга жакындап.
Таң билбейбиз чын болсо,
Көбү төгүн, көбү чын,
Көрүп келген адам жок,
Жармы тегин, жарымы чын,
Жанынан келген бирөө жок.
Мурадылга бет алса,
Сырттан тууган Семетей,
Сыр найзаны көтөрсө,
Кара чаар кабылан
Капталынан чамынып,
Как Манастын арбагы,
Качыр! – деп сүрөөн салыптыр.
Чолок көкжал көк арыслан
Жандай салып чамынып,
Кырк чилтен, кызыл Илиязы
Кыйындап колдоп калыптыр.
Алпкаракуш* зумурук
Алып кетчү немедей,
Төбөсүнөн төрага
Дардайта бутту сунуптур.
Эңип кетчү немедей,
Бутун салып жакындап,
Сүрөөн болуп туруптур.
Колдогону бир тогуз,
Колдоп алган кези экен,
Жөлөгөнү бир тогуз,
Жөлөп алган чагы экен.
Кылжээрдечен Мурадыл
Кыя тартып өткүчө,
Берениң төрөң жетти эле,
Калмак ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Боконо сөөктүн чети деп,
Өпкөнүн өлчөм бети деп,
Тайып кетсе өөдөлөп,
Жүрөк жанжер толто – деп,
Эде болсо ушунун
Өлүмгө малым орто – деп,
Кызырканып сыр найза,
Кыйындап кармап алды эле,
Ачкан көзүн жумбастан,
Кыйын болот сыр найза,
Кылкылдатып каранды
Мындай-мындай бурбастан,
Түгөнгөн терең түз кармап,
Жан аябай бек кармап,
Кытайлардан Мурадыл
Кулду Кудай, таалайы кем,
Бере көргүн – деп кармап,
Көкжалың төрөң жетти эле,
Кылжээрденин үстүнөн
Кытайлардан Мурадыл
Шай колдогон эр немең,
Көмө коюп кетти эле.

www.bizdin.kg



Кабырганын кат-каты,
Айза тийип быркырап,
Опол-Тоодой жээрде
Кылжээрденин үстүнөн
Бөрктөй учту дыркырап.
Бир жактан тийген сыр найза,
Бир жагынан көрүнүп,
Күркүрөп каны төгүлүп.
Ээрден арты кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Кан төгүлүп, эс качып,
Кырымдын уулу Мурадыл
Калдайып учуп кетти эле,
Тоо кулаган эмедей,
Тоңкоюп жерге жетти эле.
Алмамбет уулу Күлчоро
Аңдыган жоосу жоголуп,
Ач арсландай шер чоро
Кайра тартты оңолуп.
Жерден башын көтөрбөй,
Алмамбет алган Ойкума
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Кыйгай кармап алды эле,
Кызык иш ушул, аба – деп,
Кылычтап башын алды эле.
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Жоруларга жарды эле.
Ичиндеги Каракан
Кымызды жуткан немедей,
Атакем Алмам өчү – деп,
Ырымы экен Күлчоро
Кош колдоп жутуп алды эле,
Жалынса бербес Кылжээрде
Жандап коштоп алды эми.
Сураса бербес Кылжээрде
Суук укурук салды эми.
Эки чоро жарышып,
Үзөңгүлөр кагышып,
Төрөсүнөн чоросу
Соогат сурап калды эле.
Олуя чалдын эр Бакай
Күлчоро менен Канчоро
Экөөнө кепти салды эми:
«Алмамбет уулу Күлчоро,
Чубак уулу Канчоро
Эки бирдей эреним
Аалам журтту буй кылган,
Кагылайын береним!
Төбөмдө жарык жылдызым,
Жакамда эндүү кундузум.
Астыга салсам ак жолум,
Артыма жүрсө ак жолум!
Белеске бүткөн карааным,
А дүйнө кеткен асылдан
Мурага калган карагым.
Бозала туйгун болпоңум,
Боз карчыга чолпонум.
Эки түгөй эгизим,
Ааламды бузган теңизим.
Сакалым куудай агында,
Сапарым чукул барында
Ат аясам оңомбу,
Силерден тулпар аясам
Дин бусурман боломбу?
Айлап, жылдап кайгуул чак,
Бу Бээжин бизге жер эмес,
Бу кытай бизге эл эмес,
Олжого тийген Кылжээрде
Мал болуучу ат эмес.
Кагылайын балдарым,
Кишинин тону тон болбойт,
Кишинин аты ат болбойт.
Бу кытайдын Кылжээрде
Байлап салсаң токтобойт,
Кое берсең оттобойт.
Кагышка минсең кызматты
Күчөп мыктап бере албайт.

www.bizdin.kg



Аза күтөт абыдан,
Ай, мал болбойт жаныбар,
Айтканым ушул билгиле,
Асылым, балдар тилимди ал,
Кылжээрдени соёлу,
Жан казанга кайнатып,
Жарты тоют бололу.
Мунарыктап бурчтанган,
Булуңгур болуп учтанган,
Чет-Бээжин деген жер эле,
Ар жагында кайнаган,
Чериктүү кытай эл эле,
Жарлык кылса жаңжусу,
Каптап кетчү сел эле.
Кагышты көргөн канчалык,
Кайран Бакай мен элем.
Кылтылдатып каранды
Олжого тийген Кылжээрде
Кыргыз минчү мал эмес.
Ойдолотуп жыласты
Ойгут минер мал эмес» –
Деп, өшөнтүп, зор Бакай
Болжолу жок Кылжээрде,
Борумун айтып турду эле:
«Бир жылдан кийин өрттөнгүр,
Ала телек кар кете,
Жер чымырап, боз жете
Эл өөдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,*
Жери түшүп эсине,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Эри түшүп эсине.
Көп жылкыны ээрчитип,
Күлүктүн баарын чачар – деп,
Байлап салсаң токтобой,
Бу кытайдын Кылжээрде
Бээжинди көздөй качар» – деп,
Бакай айтып турду эле.
Бала чунак Күлчоро
Эликтей ыргып түйүлүп,
Алтымыш нар, миң тайга
Сатып алган Актинте
Кынынан сууруп алды эле,
Опсуз балбан эр неме,
Ойротту бузчу шер неме,
Ал Кылжээрде тулпардын
Көкүлү менен кулагын
Кошо кармай калды эми,
Жаның Алла Таалага,
Сообуң атаң Манаска
Бар, жаныбар, баргын – деп,
Жыкпай туруп Жээрдени
Арбагына Манастын
Коборуп туруп чалды эле.
Жыкпай туруп каранды
Башын кесип алды эле.
Кара кыяк корумга,
Калк жүрбөгөн сонунга
Кайрылды эрлер конууга.
Суук-Төрдүн жонунан,
Мурадылдын колунан
Олжого алган он төрт ат,
Он төрт аттын баарына
Окору түйгөн ак нокто,
Баары окшош бир тегиз
Баягы он төрт атка чак нокто.
Ат тулпарын абайлап,
Онжоңдогон зор Буурул
Ок жаңылып кетчүдөй,
Абай менен жабуулап,
Кермени кере тарттырып,
Келбетин журттан арттырып,
Шердигин артык билгизип,
Олжого кеткен он төрт ат
Кайра колго тийгизип.
Жабуусун тартып жайдактап,
Чөп жегизбей чочкону
Асып байлап баймактап,

www.bizdin.kg



Суук жерге салды эле,
Кулан сындуу Буурулду
Алтын курбу, жез мамы
Алып жерге жайлатып,
Онжоңдогон каранды
Аттардан бөлөк байлатып.
Кылжээрдени кескилеп,
Жан казанга кайнатып,
Кылжээрдени союшуп,
Эки чоро, эр Бакай,
Эсеби жок чоң төрө,
Бу төртөөлөп баарысы,
Кадырлуу Бакай карысы,
Кылжээрденин этине
Жарты тоют болушуп,
Жарым белес Жар-Ташка
Жатып уйку кандырып,
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Ойлонуп жоого камынып,
Аколпокту жамынып,
Арыслан шердин баарысы
Абасы Бакай карысы,
Алп уйкуну салды эле,
Аябай уктап калды эле.
Жатып жамбаш талдырып,
Чырм этип уйку кандырып,
Чыканактап тынч алып,
Чырым этип уйку алып,
Так өшөнтүп турду эле.
Өзөн ылдый шаркырап,
Таң атардын муздак жели урду эле.
Асмандан жылдыз зирилдеп,
Кыбыла көздөй бириндеп,
Көктөн жылдыз чачылып,
Боз мунарык куюлуп,
Төбөдөн жылдыз суюлуп,
Таң жарылып килтийип,
Таңдын арты көрүнүп,
Асманга жарык бөлүнүп,
Жер саргайып көрүнүп,
Жел урганда шуудурап,
Кайыңдын башы зыркырап,
Талаада торгой чуркурап,
Токойдон күкүк күүлөнүп,
Өзөндөн ар түрлүү чымчык сүйлөнүп,
Талынын башы ийилип,
Кумунун үстү чийилип,
Адыр-адыр суюлуп,
Адырдан аркар куюлуп,
Аркары топтоп оттосо,
Адырдын чөбү суюлуп.
Будуру түшүп буюлуп,
Будурдан бугу куюлуп,
Бугусу топ-топ оттосо,
Будурдун чөбү суюлуп.
Түзүнөн кулан жарышып,
Адырдан түлкү кабышып,
Турган экен Жар-Ташта
Огойдон чыккан он төрт ат,
Опсолоң күлүк Буурул ат,
Оөздугун тегиз алды эле,
Онжоңдотуп каранды
Ошондо отко салды эле.
Көп жетелеп олтуруп,
Көөдөнүн чөпкө толтуруп,
Талыкпай коштоп олтуруп,
Таз кардын чөпкө толтуруп.
Миң бетеге, сексен чөп,
Орой-орой чалдырып,
Оргуган тунук булактан
Суусундарын кандырып,
Жабуусун алып тарткылап,
Тазалап терин арткылап,
Он төрт атты жайлады,
Тебишсе майып болот деп,
Бөлөк-бөлөк байлады.
Эрендин жайы ушундай.

www.bizdin.kg



Аш-тамакка кам уруп,
Күлкү сала түшүшүп,
Күлазык чайкап ичишип,
Көөкөргө куйган кара арак,
Көөкөр менен бир арак,
Жанаякка куюшуп,
Жалпы катар сунушуп,
Арактан ачуу аш ичип,
Казы кертип, жал салып,
Казан менен бир салып,
Чатыраш ойноп чаң салып,
Чамаасы жети күн болуп,
Ат эргитип алды эле,
Күмүш көздүү, күн жүздүү,
Күн урланган Семетей,
Атасы Манас көкжалдан
Артыла тууган эр неме,
Шай колдогон шер неме,
Кабарында бар бекен,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Керүүдөн аңдып жатканда,
Келберсиген чоң Калча,
Очогор менен оңбогур,
Манастын уулу Семеңди
Керчөөлөтүп атканда,
Ошондо очогор тийген төшүнө,
От чагылган көзүнө.
Эти калың эренди
Эт көтөрүп калганда,
Тону калың көкжалды
Тон көтөрүп калганда,
Керчөөлөп сөөгүн оттоптур,
Тышкы сөөктүн нар жагы,
Ички челдин бер жагы,
Очогор огу токтоптур.
Кызуу менен урушуп,
Кыйла күн тынбай турушуп,
Огу токтоп калыптыр,
Манастын уулу Семетей
Коркок болуп алыптыр.
Шашыке убак маалында
Тарса-тарса жөтөлөт,
Жаздыктан башты көтөрөт.
Өөдө бир болуп өө десе,
Оозунан өзөктөп кара кан кетет,
Өкүрүгү таш жарып,
Үч эренден ал кетет.
Күрсө-күрсө жөтөлөт,
Күпүдөн башын көтөрөт,
Күрсүлдөп туруп а десе,
Күйүттүү мүшкүл мындай деп,
Үч эренден ал кетет.
Өзү кылдат зор Бакай
Бакай кандын көк куржун,
Атандык эмес, лөк куржун.
Көк куржунда бедел жок,
Бу куржундун ичинде,
Адам, неме бар, нелер жок,
Күлазык бар, дары бар,
Бу куржундун ичинде
Ар себептин баары бар.
Өзү билгич зор Бакай,
Жоолашканды жардырган,
Жашыл кара дары деп,
Адам өтүн алдырган.
Булага куюп катырган,
Чогуусу менен казанды,
Чоң куржунга батырган.
Эбеп деген дары бар,
Бакай кандын куржунда
Себеп деген дары бар.
Жашыл кара дарыдан
Жарасына куйду эле,
Кырма кызыл дарыдан
Кылдат Бакай карысы
Кыл ичинен берди эле,
Азканакай ал күнү,

www.bizdin.kg



Ооруганы басылып,
Көзү умачтай ачылып,
Калган экен Семетей.
Арыслан айтып калган жок,
Артык оору болду эми.
«Коркок» деген кокуй дарт,
Козголбой мүшкүл иш болду.
Коңурбайда мылтык жок,
Мындай дүмөк иш болду.
Козголо албай Семетей,
Чымындай жаны чыркырап,
Эңкейгенде төш сөөгү,
Кың-кыңынан быркырап.
«Коркок» дартка жолугуп,
Козголбостон тим жатты.
Коңурбай салып чоң дүмөк,
Күндүзү жатып, түн катты,
Ар дарысын шайлады,
Ар дарыя булак суу,
Себеп болор бекен деп,
Аккан сууга байлады.
Жол жүрө албай Семетей,
Жортулбастан Күлчоро
Эрендер мындай оолукту,
Билсе дүмөк каран иш,
Бул ооруга жолукту.
Кең-Колго сайган багы жок,
Керилип жатар чагы жок.
Бээжиндеги Коңурбай
Кериш кылчу табы жок,
Кенебей оору болду эми,
Алты жылы туу калган,
Ак чатырдай боз бээни
Жылкыдан кармап алышып,
Ай туякка чалышып,
Бала төрө чунакты
Казыга чылгый бөлөдү,
Картасына жөлөдү.
Мында көкжал болгон жок,
Оорусу айтып койгон жок.
Төрө Бакай, Күлчоро,
Арыландай айкөл шер менен
Алек болуп Канчоро,
Төрөнү коюп, бизди ал деп,
Башчысы Бакай кары ыйлап,
Күлчоро менен Канчоро
Балдарынын баары ыйлап,
Күпсөрдөн* дары күбүлүп,
Семетейден түңүлүп:
«Өлүп калса эр көкжал
Кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким аштайт?
Калың кыргыз, көп аргын
Капа кылбай ким баштайт?
Долоно саптуу айбалта,
Толгондурбай ким аштайт?
Толгон кыргыз уруусун
Толгондурбай ким баштайт» –
Деп, өшөнтүп, кайгырып,
Капа болуп турду эле,
Бабаңдай Бакай абаңыз,
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Карасаң Бакай абасы,
Билбегенди билгизген,
Билгич Бакай олуя,
Туйбаганды туйгузган,
Туйгун Бакай карыя.
Артык сынчы, көзү ачык,
Бу дүйнөдө сөзү ачык.
Ай-ааламды буй кылып,
Жүргөн Бакай эмеспи,
Келер менен кетерди,
Азап менен ажалды,
Алты айдан мурун бек тиктеп
Билген Бакай эмеспи.
Шумдукту билет алыстан,
Ойлосоң Бакай даанышман

www.bizdin.kg



Капыр менен бусурман
Кагышын көргөн эр Бакай,
Кытай, кыргыз эки журт
Чабышын көргөн эр Бакай.
Каканды камап барганда,
Катуу жаңжал салганда,
Кандыгын алып Манастын
Кан көтөрүп салганда
Журтун олжо кылганда,
Олжого сулуу кыз алып,
Өлгөнүнөн калганы,
Олжого көп журт тунганда,
Кадимки Бээжин шаарынан
Болгон абаң эмеспи.
Боройлоп мөндүр күн жааса
Боз керешке Манаска
Коргон Бакай эмеспи.
Абасы Бакай карыя,
Эл башкарып, журт бийлеп,
Бөлгөн Бакай эмеспи.
Канча буйрук, көп балаа
Көргөн Бакай эмеспи.
Ооору болуп Семетей,
Ойрон болуп турганда,
Ооруганга чыдабай,
Оолжуп колун сунганда
Ошол Бакай абакең
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Шашкан бойдон зор Бакай,
Бачым туруп чочунуп,
Көкчолокту токунуп,
Семетейден чочунуп,
Чоролорго кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат.
Санаасы кетип бөлүнүп,
Картайганда Бакайдын,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Ак сакалы бириндеп,
Муруту кетип суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп.
Абасы Бакай олуя,
Санаасы санга бөлүнүп,
Зарланганга чыдабай,
Эр Семетей чунактын
Оорусу жаман көрүнүп.
Касташканы Коңурбай,
Каканга келип кайрылып:
«Каралды кылган жалгызым,
Семетейден айрылып,
Айрыла турган себебим,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Айзакерден ыктуу эле,
Өзү жоонун айласын
Өткөрө билген мыкты эле.
Керүүгө салган там эле,
Кечилдин мыкты каны эле.
Бээжинден чыккан шер эле,
Кылым кытайды баскан эр эле.
Кытайдан тандап кол алып,
Колду айдап мол алып,
Калдайдын уулу капырың,
Кан Коңурбай баатырың,
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Алөөке кандын баатыры
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң каратын байлаган
Кез болгон өлбөй кетпеген,
Керилген калча эренге,
Жарчысы кабар береби,
Айкайы арбын чубалып,
Эр Коңурбай келеби,
Кара-Белес, Кайкаң-Таш,
Карабай ашчу бел эмес.
Алөөкөнүн Коңурбай,
Теңдигин албай бу жерден

www.bizdin.kg



Карап калчу уул эмес.
Адам жүрбөс жол алып,
Айкайлап тиер кол алып,
Кыйланы көргөн чоң Калча,
Кыяптуу жерден басабы,
Ооруган жерди «оңолтуп»,
Арыслан кармап алабы?
Арышты арбын салабы?
Бу Семетей көкжалды
Койбой кармап алабы?
Канчоро менен Күлчоро,
Эки бирдей эренин
Азар түмөн жоо чыкса,
Аянбай тийчү берение.
Чама чарчап, ал кетип,
Чаркыбыз кетип минетип,
Манастын уулу төрөнү,
Артыкча керек немени,
Кыйындан калган карааңды,
Белинен кармап бүктөйлү,
Ажал жетип, күн бүтүп,
Өлүп калса Семетей,
Арбууданга жүктөйлү,
Таласты карап жол тартып,
Күндүздө өргүп, түн катып
Ат аябай жол жүрүп
Аянбастан мол жүрүп,
Мындан ары жол жүрсөк.
Ашып-шашып мол жүрсөк,
Кош-Серүүн жонун ашабыз,
Үрүмчү, Манас эки шаар,
Эки шаарды басабыз.
Шыйкылыкты таянсак,
Шыйкылыкта чоң мазар,
Ат өргүтүп жатабыз.
Ырастап ары жол жүрсөк,
Ээр белдей дөңгөлчө,
Эрикбес деген бел эле
Эрикбес белди ашабыз,
Эңкейип ары барганда
Көз жетпеген зор талаа,
Чоң талааны басабыз.
Кичи-Жылдыз, Чоң-Жылдыз,
Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу,
Бул экөөнү ашканда,
Ит ичпестин сары суу,
Зор талааны басабыз.
Андан ары барганда,
Үч-Жыргалаң, Көңүз бар,
Өзөндү бойлой жатабыз.
Өзөндүн чынар токою,
Өзөнчөсү бир бейиш,
Өрүгү бышып көң болгон,
Жаңгагы кулап сай толгон,
Дүнүйө жыргал бар болгон.
Күңгөй жагын караса,
Чылгый чынар тараша,
Тескей жагын караса,
Карагай, кайың жанаша,
Сан дүйнө ошол, бел ошол,
Аккан Иле дарыя,
Өлбөй барса Семетей,
Сергип жатчу жер ошол,
Сергий турган себеби:
Тоосунда муздак кары бар,
Токоюнда чары бар,
Будурунда бугу бар,
Адырында аркар бар,
Колотунда коен бар,
Жылгасында жылан бар,
Жырткыч койбос баары бар,
Булагы кайнап ташыган,
Менин жерим болсо деп,
Муңканып жигит жашыган.
Чырпыгы бар чынардай,
Чымчыгы бар улардай.
Кескелдирик жыландай,
Жыландары аркандай.

www.bizdin.kg



Куландары кунандай.
Албан түрлүү жандуу жан,
Жаралган экен ар кандай.
Булбулу таңшып күн баткан,
Булбулу буруп сайраса,
Муңу бар адам тим жаткан.
Чынары бар, талы бар,
Чын белгинин баары бар.
Кайыңга туул куштары,
Камчыланат учканы.
Терекке туул куштары,
Теминип турат учканы.
Өзөндө үйдөй чынар бар,
Ал чынардын түбүндө
Чың кыйкырган улар бар,
Жыгачы сонун, жери жай,
Адам көрөр жыргал ай,
Бир бутагын караса,
Алакарга ал тууган,
Бир бутагын караса,
Апсаңдап учкан сары тууган.
Бир бутагын караса,
Ала тамак таан тууган.
Бир бутагын караса,
Коко тамак чар тууган.
Түбү жалгыз чынарга
Жан бүткөндүн баары тууган.
Алмасы суу бөгөгөн,
Ал Жыргалаң, Кең-Көңүз,
Мындай жерди ким көргөн.
Бу Семетей баатырды,
Ошол жерге алып баралы.
Мен билгенди билдиңби?
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?
Акундун кызы Айчүрөк,
Ал Семетей зайыбы,
Кереметтүү чоң билгич,
Бир кылча жок айыбы.
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын башасы.
Уламадан уладык,
Билгичтерден сурадык.
Кең көйнөктүн тазасын,
Зайыпзаттын башасын.
Беризаттай бейбактын,
Мелтиреген шордуунун,
Эки таалай кеби бар,
Аныгын адам биле албай,
Талаш болгон жөнү бар.
Кээ бир адам кеп айтат,
Беринин кызы Чүрөк деп,
Мелтиреген дүмөк деп,
Кээ бир адам кеп айтат,
Кайыптын кызы Чүрөк деп.
Калың элге чыр салган,
Каражолтой дүмөк деп.
Кээ бир менде кеп айтат,
Акундун кызы Чүрөктү
Ак куу болуп кубулуп,
Журт алдаган дүмөк – деп.
Уламадан уласак,
Түпкү жайын сурасак,
Белесченин белинен,
Медиянын чөлүнөн,
Белгилүү Акун барганда,
Куу кийизге таңылуу,
Куу бешикке салынуу,
Таап алган бала экен.
Куп келтирип Кудайы
Куп Акун кан атасы,
Таап алган жан экен.
Кырандан аккан булак – деп,
Кыз да болсо бул балам,
Акун кан мага туяк – деп,
Бир адамга көргөзбөй,
Бир кишиге билгизбей,
Артыктыгын ашырып,

www.bizdin.kg



Айчүрөктү жашырып,
Баланча зайбы тууду – деп,
Оогандын каны Акун кан,
Тоюна токсон союптур,
Айдай сулуу болсун – деп,
Атын Айчүрөк коюптур.
Ошол Чүрөк бар болсо,
Кааласа кадыр түн эле,
Жалгыз жанга бурулбас,
Ок аттоочу күң эле,
Олуянын бири эле.
Ата балам, Күлчоро,
Алты күлүк ат алгын,
Алакандай кат алгын,
Маңдай жол менен желе көр,
Күндүзүндө уйку албай,
Түн ичинде тынч албай,
Түндөп-күндөп жол жүрүп,
Атты аябай мол жүрүп,
Чүрөккө кабар бере көр.
Балам Чүрөк келбесе
Ургаачынын тазасы,
Бул окту аттап бербесе,
Кыямат жүзүн көрүүчү
Коркок жара кордук иш,
Ок ойносо оңдурбай,
Бу Семетей өлүчү,
Айчүрөккө кабар айт,
Ай, Күлчоро, бачым бар,
Үч-Жыргалаң, Көңүзгө,
Телегейи теңизге,
Эптеп алып барайын.
Кызталак Бакай өлбөсө,
Кыямат жүзүн көрбөсө,
Семетейим багайын,
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку албаган,
Чын Күлчором эр элең,
Шай колдогон шер элең,
Мунара күйгөн чок болсо,
Бузулбай тийген ок болсо,
Кайра тартпай кирүүчү,
Кайгырбоочу эр элең,
Жанга мүшкүл иш түшсө,
Кайран башка күч түшсө,
Жарап берчү шок элең,
Жумшаса жарып өтүүчү
Өзүң болот ок элең.
Жарабасаң жаманат,
Жалгызың Семетей мага аманат.
Кыямат жүзүн көрбөсүн,
Карыганда Каныкей,
Картайганда Чыйырды,
Ачыгын айтып кокустан,
Айтып коюп окустан,
Эки кемпир өлбөсүн,
Кайра тартпас чын жайды
Ал кемпирлер көрбөсүн!
Быягынан сак болгун,
Эрен элең, кан элең,
«Жаралган адам уулунан
Күлчоро, эби бар мыкты бала элең.
Айзалашкан жоо болсо,
Айза сунуп урганга,
Каршылашып турганга,
Камбыл мыкты жан элең.
Кайнаган жоого кол салчу,
Кагылайын, Күлчором,
Жоого ылайык бала элең.
Саламат барып, сак келгин,
Сагындырбай бат келгин.
Билесиңби бир кепти,
Капталында Каңгай бар,
Ал Каңгайды жердеген
Кара калмак, манжуу бар.
Кыр жагында кытай бар,

www.bizdin.kg



Маңдай жакта бараң бар,
Басташкан жообуз далай бар.
Күлүмүш болгон душман бар,
Бир өлмөктөн миң өл деп,
Табалап кетчү душман бар.
Такыр сырың билгизбе,
Эсен барып, соо келгин,
Эми балам, Күлчоро,
Эриктирбей бат келгин,
Ары барыш – он күнү,
Бери келиш – он күн жол,
Жыйырма күндө кел, балам.
Жыйырма күндө келбесең,
Карганда Бакай абаңдын
Бул сөзүнө көнбөсөң,
Семетейим көрбөсөң,
Берением көкжал Манастан
Белекке калган Семетей,
Артында калып нетейин,
Өлбөй тирүү мен Бакай,
Не муразга жетейин?
Жыйырма күндөн сен калсаң,
Алты торпок, кырк койго,
Сатып алган Аккестик,
Кынынан сууруп алайын,
Кый сүбөмө маламын,
Өзүмдү өзүм жарамын,
Бир Семетей ботомо
Курман болуп каламын.
Кечигип кербез конбогун,
Карган Бакай абаңдын
Ой, ой балам, Күлчоро,
Канына орток болбогун.
Отуз күндө токтоп кел,
Жыйырма күндөн кечиксең,
Жыргалдуу Бакай абаңды,
Абакелеп жоктоп кел.
Балам, чором, кебимди ук,
Аргын менен кыргызга
Кол жыйылып камдан! – деп,
Талаш кылды Коңурбай,
Такыр баарың жыйыл! – деп,
Элге дүмөк салып кел.
Акундун кызы бейбакты
Ок аттасын алып кел.
Ай, Күлчоро, кулунум,
Күндөп-түндөп жол жүргүн,
Ат көзүнө караба,
Ат аябай мол жүргүн.
Чама чарчап ал кетти,
Коркок болуп оксоктоп,
Семетей абаң минетти.
Белесиң ушул, бел да ушул
Белгилүү абаң Семетей,
Аман болуп айыкса,
Бээжинди бузар шер ушул.
Каз айлангыс зоо ушул,
Кармашка кирсең Семетей,
Каргылуу кара тоо ушул.
Арбактуу көкжал Семетей
Кол-аягын жууганда,
Айчүрөктүн койнунан
Эртең менен турганда,
Жаяны кесип жеп жүрөт,
Жанымда болсоң Күлчоро,
Жаң-жунду бузам – деп жүрөт.
Кайгырбастан бу көкжал,
Казыны кесип жеп жүрөт,
Карааны жетик Канчором
Карап турсам алдымда,
Калмакты бузам – деп жүрөт.
Канчоро менен Күлчоро,
Кимиң барсаң, аның бар,
Бир кишилик алың бар.
Чүрөккө кабар сала көр,
Кереметтүү Чүрөктү
Келберсиген капырды
Кечиктирбей алгыла,

www.bizdin.kg



Омуроодо жараты
Ок аттата салыңар,
Ажалсыз болсо төрөнү
Айыктырып алыңар.
Бузулган экен көргөн түш,
Кытайдан мынча жара жеп,
Кылымда барбы ушул иш.
Айда балам, артынан,
Семетейдин дартынан,
Суук-Төр бойлой жайлаймын,
Жарасы жаман болгон соң,
Суук жерде кармаймын.
Туура булак, тунук суу,
Бирөөнө түшпөй койбоймун.
Жаралуу болгон көкжалдын
Амандыгын ойлоймун.
Атбороюн сыдырам,
Карлуу, муздуу Ала-Тоо
Бою менен кыдырам.
Өзөндүү жайга кондуруп,
Өлчөө менен жол чалам.
Кечилдин каны Коңурбай,
Кообум да бар, шегим бар,
Кордукту койбой салат деп,
Коркуп турган ченим бар.
Чокмор менен бирди жеп,
Чоң манжуу кытай өлгөндүр,
Ошол манжуу өлбөсө
Улук да эле, бек да эле,
Урушка туулган шер эле.
Кабылан Манас канкорду
Бир жолу эмес, ал чочко
Алты алдаган эме эле.
Бээжинден айдап кол жыйып,
Эсеби жок мол жыйып,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүр сындуу ок атып,
Тутанып өлгөн ал Калча,
Күндөп, түндөп түн катып,
Кубалап келчү шер эле,
Өзү жоонун айласын
Куп кана билген неме эле.
Чуулгандуу казатты,
Бейпайы артык азапты,
Бет алып салчу неме эле.
Жолго кылдат, жер билгич,
Жосуну оор Коңурбай,
Кайгырбай турган шер эле.
Кагыш десе каканды
Кыргын кылып токмоктоп,
Кылчайтпастан көп журтту
Айдап келчү неме эле.
Боз адырмак тоо жаман,
Балам, уккун кебимди
Эр Коңурбай жоо жаман
Манжуу каны Эзкара
Баарынан шайтан Карагул,
Балам, уккун кебимди,
Бейлиңе алгын Бээжинди,
Каарына алганда,
Кайнаган кытай калкы бар,
Кармашкан качып кутулбай,
Канын иччү салты бар.
Ат көтөргүс дөөсү бар,
Адамдан күлүк жөөсү бар.
Берени бар, эри бар,
Бээжин журтту карасаң,
Мына ушундай бейжай абыдан.
Кармашып менде кабылат,
Бээжинге кармаш кылганмын,
Өзүнө ажал табылат
Бу какандуу Бээжинге
Шору бар адам кабылат.
Төрө каны Коңурбай,
Семетей ооруп турганда,
Эл жүрбөс белин ашпасын,
Төбөбүздөн баспасын.
Картайган Бакай абаңды

www.bizdin.kg



Тирүүлөй байлап албасын.
Эр Семетей төрөңдү
Койдой мууздап салбасын.
Ата, балам, Күлчоро,
Арка кылган эреним,
А дүйнө кеткен Алмадан
Муразга калган береним.
Көрүп турсам көөнүм ток,
Көкжалым болду жаралуу,
Сенден башка элим жок.
Эрдигиң артык жан элең,
Кымыз менен кыз көрсөң,
Кырыңан кетип кыңшылап,
Өлүп кетчү бала элең?
Быягына сак болгун!
Жыйырма күн жолдо жүрүп ал,
Жыргалдуу төрөң Семетей,
Карган абаң Бакайды
Ара жолдон күйүп ал.
Ок-дары кенен артууга,
Кызыл куйрук билимди ал,
Кымбаттуу уулум, тилимди ал.
Кармашарың Каканчы,
Басташканың Бакбурчун,
Улуңтуң, Кеңтуң, Дыңшага
Урушчу жооң мынча бар,
Кара курттай кайырга,
Кармашуу оңой иш эмес,
Кан Коңурбай баатырга.
Бастырып салсак окустан,
Караан болгон өзүң жок,
Кармаша калсак кокустан.
Айза менен жетишпей,
Маңдай-тескей турушсак,
Караандашып кайран жан,
Мылтыкташып урушсак,
Күпсөрдөн дары күбүлүп,
Чоң тайпан ок түгөнүп,
Жаман өлүп жүрбөйлү,
Жазуу ушундай болду – деп,
Кечигип калып Күлчоро,
Арам өлүп жүрбөйлү,
Быягына сак болгун!
Айтсам далай муңум бар,
Арысланым уулум, угуп ал,
Кызга азарың салбагын,
Кызыгып жатып албагын.
Кымбатым уулум, кебимди ук,
Жыйырма күндөн калбагын.
Таласта курган бак да жок,
Талымсып жатар чак да жок.
Кең-Колго курган багың жок,
Керилип жатар чагың жок.
Каалаганда башыңа,
Кадыр түн өңдүү түн барбы?
Бүтүн кундуз терисин,
Жара тилип алышкан,
Багалекке салышкан.
Баякыдай күн барбы,
Эй, Күлчоро, кебимди ук,
Бул ооруңду көрсүн де,
Керектүү катын Айчүрөк,
Кечикпей учуп келсин де,
Кечиксе мүшкүл жаманат,
«Коркок» болуп ок калып,
Семетей болду аманат.
Оймолуу жагдан, он килем,
Оюңдун түрүн мен билем,
Кырмалуу жагдан, кырк килем
Кыргыздын жөнүн мен билем.
Кесириң кармап оолугуп,
Дууга кирбе, Күлчоро,
Айыкпаган бир үлкөн,
Чууга кирбе, Күлчоро.
Кырмызы көйнөк, кыпча бел,
Кыздары сонун кыргыздын,
Кыздарына кызыкпа.
Келеңкер чачпак, кең соору

www.bizdin.kg



Келини сулуу кыргыздын,
Келинине кызыкпа.
Ойносоң келин кабылар,
Ойрон абакең кайдан табылар
Кызыксаң кыздар кабылар,
Кымбаттуу абаң жан бирге
Семетей кайдан табылар.
Кыйла кеп айттым билип ал,
Кытай оңой жоо эмес,
Кымбаттуу уулум угуп ал.
Эрикпей көзгө көрүнсөң,
Эрдигиң эпсиз билербиз,
Күлчоро – деп жалынып,
Эр экен – деп жүрөрбүз.
Кечигип калсаң окустан,
Келбесиң кейип билербиз,
Керишкен жоодо болбойт – деп,
Милдетти сага илербиз.
Айтылы миш-миш чын болсо,
Таңдын маңшар күнүндө
Кара эшек кыла жүрөрбүз.
Кең Таластын оюнда,
Жылгындуу, Кең-Кол боюнда,
Кара болот зулпукор,
Көөлөшөрбүз дечү элек,
Канчоро менен Күлчоро
Экөөнүн көзү түз болсо,
Кытай түгүл Урумга,
Кулак уккан кылымга
Жөөлөшөрбүз дечү элек.
Адам баскыс капталды
Жол кыларбыз дечү элек.
Алышчу душман жоо болсо,
Кор кыларбыз дечү элек.
Тилди алган жан болсо,
Тилге салып коркутуп,
Тим эле билем дечү элек.
Ар кыл сөз айттым билип ал»,–
Атадан тууган Күлчоро,
Арысланым уулум, тилимди ал!
Деп, өшөнтүп, Бакай эр,
Көк куржундун ичинен
Көк супа тонду кийгизди,
Сыпаты башка жылкыдан,
Күлчоронун алдына
Суркоенду мингизди.
Суркоен жайы момындай;
Кара байыр казанат,
Буура көкүл, капкан бел,
Кулжа моюн, төгөрөк,
Кынап берчү мал эле,
Куйругун кара жер келсе,
Чубап берчү мал эле.
Алты ай минсе алышка
Чыдап берчү мал эле.
Буудандыгы мурунтан,
Бу чочко дайын мал эле,
Абыштын уулу эр Толтой,
Аңтара сайып ошону
Оңжондогон караның,
Олжого түшкөн мал эле.
Кырк күнчүлүк чөл болсо,
Кыйын мүшкүл жол болсо,
Чык этим жерден суу ичпей,
Чымчып жерден чөп чалбай,
Чындаса кырк күн чуркашка,
Чыдап берчү мал эле.
Бото соору, борбойлуу,
Болжолу жок чоң сурат,
Сур аттын аты Суркоен,
Менин атым болсо деп,
Талаш кылган көп оен.
Айза алганда зыргыган,
Атышка минсе бу каран,
Коендой чурап ыргыган.
Жел кайыптан жармашкан,
Кунанында кур жүрүп,
Кутургур жайы ушундай,

www.bizdin.kg



Кайыптар менен кармашкан,
Кең көкүрөк, капкан бел,
Келишкен күлүк Суркоен,
Кенебестен Күлчоро,
Булгаары тердик, ак токум,
Бура тартпай сур аттын
Жонуна тартып артты эле.
Алмаңдан калган Акканкы
Ал чорого чак каңкы,
Чоң сур атка артты эми.
Семетейден чочуду,
Төөдөй болгон сур атты
Төрөң чоро токуду.
Ашуусу бийик бел келсе,
Аркы-терки жер келсе,
Моюнуна түшпөскө,
Бала тапан Күлчоро,
Баарын билген шер чоро,
Баладан бөлөк эр чоро.
Куюшканын кыскартты,
Чап олоңун узартты,
Аюу желдик, ак быштан,
Анын үстү басмайыл,
Басмайылын бек тартты.
Мына ошондо Күлчоро,
Абасы Семетей оору болгонго
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көрүшүшпөй калчудай,
Көңүлү айран бөлүнүп.
Коңурбай кулдан айза жеп,
«Кош, абаке, Семетей,
Казгансың калың орумду,
Көргөзгөнсүң көзүмө,
Киши көрбөс сонунду.
Кадырлуу жарың Айчүрөк,
Кабарга барып келермин,
Астымдан кытай жоо чыкса,
Абаке, тагдырым жетсе өлөрмүн.
Кош, абаке, эсен бол.
Ата ордуна карманган,
Атаман артык кыраакым,
Кытайдан алган булуңа,
Балам кандай болот деп,
Кейибе мендей кулуңа
Өлүп калган чагымда,
Ит териси кул элем,
Өлбөй тирүү жүргөндө
Кой териси уул элем.
Медер тутуп, бел кылып,
Абаке, бекем кейип тургудай,
Белиң бекем буушкан,
Бегирээк көкжал Манастын,
Чын белинен сызышкан,
Кайран энем Каныкей,
Жатынын жара тээп чыгышкан.
Өзөндүү сайдай кыялаш,
Өзүңүз менен уялаш,
Мен качан Манас уулу элем.
А дүйнө кеткен Алмамбет,
Аяш атаң туйгундан
Аманат калган уулу элем.
Абаке, төрөм, эсен бол,
Кайра тартып келгиче,
Ким кезигип, кимдер жок,
Жети күндүн бири өлүм,
Ушундай болот дүйнө бок.
Ичим кайнап, боорум чок,
Каран күн абам Семетей,
Сенден бөлөк паана жок» –
Деп, өшөнтүп, Күлчоро,
Колунан кармап кор жыттап,
Кол үстүнөн бек жыттап,
«Көрүшкүчө эр абам,
Эсен турсаң» – деп жыттап.
Алтындаган суп бүчү,
Асылың Семетейдин куп бүчү,
Үзө тартып жиберип,

www.bizdin.kg



Ээгинин астынан,
Кокосунун үстүнөн,
Башын салып бадирек,
Коркурата кор жыттап,
«Кош, абакем»,– деп жыттап.
Алты күлүк ат алып,
Таластагы Чүрөккө
Алакандай кат алып,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Талыккан жок Күлчоро,
Аябай жүрүп артынан,
Абасы Семетейдин дартынан,
Жер үстүнө токтолгон,
Болбой кетип баратат.
Жеткен жерге тынч алып,
Конбой кетип баратат.
Адыр-күдүр бел келип,
Кулан оттоо жол келип,
Куюндай учуп закымдап,
Кубаласа куланды,
Куткарбастай такымдап.
Башын жерге салыптыр,
Башкача күлүк Суркоен,
Эти кызып калыптыр.
Жолум үйдөй чоң туяк
Тарса-турса кагышып,
Чоң туякка тийген таш,
Оттук болуп чагышып,
Көкүлү төрткө бөлүнүп,
Артындагы калган чаң,
Жолум үйдөй көрүнүп.
Кыйын мүшкүл чөл болсо,
Кыйшайбаган Суркоен
Беш убак ондоп токуткан,
Менде көрсө чочуткан,
Куйругу узун чубалган,
Менин атым болсо деп,
Менде көрсө кубанган.
Күлчоронун Суркоен,
Кагышка минсе каранды,
Камсыкбастан чуркаган,
Тулпардын күлүк адаты,
Туйгунуӊ Күлчоронун канаты.
Чуркаган сайын кошулуп,
Кайыпка чалыш санаты.
Өр таяна бергенде,
Көздөн учуп закымдап,
Соорусунда куюшкан,
Бүктөлө түшүп шакылдал,
Түз талаага барганда,
Куйрук, жалы бириндеп,
Уйпалгырдын Суркоен
Учуучудай күрүлдөп.
Ээликкенден жулкунуп,
Эри өлгөндөй булкунуп,
Астындагы Суркоен,
Учкан куш менен жарышып,
Талаа жерде чочкону
Тарта албай колу карышып,
Октос берип чү десе,
Каӊтарылып кара жер,
Артында калып бөлүнүп,
Анан калса сыйпалгыр,
Күлүктүн сыны көрүнүп,
Кучак болгон куйругу
Казысына чабылып,
Анык тулпар экен деп,
Ээн калган каранга,
Ээси чоро жалынып.
Жер тумандап закымдап,
Күлүк экен Суркоен
Тилегине Күлчоро,
Калган экен жакындап.
Токтобостон Суркоен,
Томуктай нечен тоону ашып,
Тоӊкойгон кабак коо басып,
Адыр-күдүр бел ашып,

www.bizdin.kg



Кыркаардуу кымбат жерди ашып,
Кызыл мунар жер басып,
Албан түрлүү төр басып,
Аттанган экен Таласка,
Ашып-шашып жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Арасы ыраак Бээжиндин
Айланбастан мол жүрүп,
Дарыя кечип, таш басып,
Талыкпай нечен бел ашып,
Күн кечкирсе бир жерге,
Жатпай жүрүп алды эле,
Жер үстүнө кылайтып,
Батпай жүрүп алды эле.
Ирмегенде арышы
Айбандан артык бөлүнүп,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроого төгүлүп,
Чапчаң жүрсө чочконун
Чарчабас түрү көрүнүп,
Ылдамдаса бул чочко
Жер үстүнөн бөлүнүп,
Айдай болгон талаага
Кокустан жерден кошулса,
Жээрендей зыргып союлгур,
Жеткилең чуркап бөлүнүп,
Күлүктүк сыны көрүнүп,
Жер тамандап жошулуп,
Тулпардык сынга кошулуп,
Кабырганын этеги
Аржайып бөлөк бөлүнүп,
Аттаган сайын карандын
Кайыптык сыны көрүнүп.
Кээ бир жерге келгенде,
Учкан куш менен жарышып,
Күдөрү түйгөн ак тизгин
Кош колунда карышып,
Кокуй чочко кантет деп,
Эси чыгып эр чоро,
Каран калган чочконун
Оозу менен алышып.
Санаты илек жер басып,
Санаты жок бел басып,
Мына ошондо Күлчоро
Алты күн тынбай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Кара белес, кайкаң кыр,
Кайкаң кырды ашты эле,
Эңкейсе Кең-Кол, чоң Талас,
Чоң Таласты басты эле.
Жылкылуу Кең-Кол оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Үч-Кошойдун белинде,
Каныкейдин Көтөрмө,
Көтөрмөнүн четинде,
Кайнардын кара көзүндө,
Кош чынардын өзүндө,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө Манастын тиккен багында,
Дарбазалуу ордодо,
Чачыкейдин коргондо,
Анын бер жак жагында,
Каалгасы темир, сом калак,
Кара бет энең Каныкейдин ак сарай,
Катын да болсо энеңдин
Салтанаты бир далай.
Эрмекке көрсөң далайда,
Айчүрөктүн сарайда,
Ал сарайдын оозунда
Сакчылары сандан көп.
Кайран жеңең шуркуя,
Желдеттери жетимиш,
Андан ары барганда,
Сакчысы башка камынган,
Аземдүү балбаны,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган.
Каттап адам баралбайт,

www.bizdin.kg



Желдети туура жетимиш,
Муну караган менде багынган,
Каран калган жыласка,
Каттап менде барбаган.
Эшигин эч ким чалбаган,
Мелтиреген Чүрөккө
Бет алып киши барбаган,
Бет алам деген мендеси
Желдетке кокус кезиксе,
Каттаган тирүү калбаган.
Себилдүүсү сексен төрт,
Эшикке койгон кароолчу
Серп алган жагы кызыл өрт,
Караан көрсө окустан,
Бежайып келсе кокустан,
Кабарга койгон сакчысы
Үйдөй чокмор колго алган.
Жан көрүнсө бир салган.
Капырай дарбазаны бакчусу
Кылыччаны кыйла жүз,
Сакчыларды карасаң,
Өлөмүн деп күдөр үз.
Арбын дүмөк далайга,
Суурулган супсур ат минип,
Көпкөк темир тон кийип,
Аземдүү кисе курчанып,
Айбаты чыгып сумсайып,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Күрсү-дарсы курчанып,
Күр-күр этип сумсайып,
Айчүрөктүн ак сарай,
Эшиги темир, боосу алтын,
Эсеби жок чоң сарай.
Каттаган кайра чыккысыз,
Канкордон бөлөк жалгыз жан
Кабарын киши уккусуз,
Көрсө көңүл бөлүнгөн,
Күндүзү жок, түнү жок,
Ал сарайдын эшиги
Ай тийгендей көрүнгөн.
Көөхар менен жакуттан
Балталатып жардырган,
Акылман катын Айчүрөк,
Баарыдан кызык ушул иш
Эшигине салдырган,
Көрсө көңүл бөлүнгөн,
Көөхар менен жакуттан
Эшиги жарык көрүнгөн.
Бул кара бет Чүрөккө
Семетейден бөлөк жан
Каттап эч ким барбаган
Бул Айчүрөк катындан,
Кылпылтаган капырдын
Кабарын киши албаган.
Жумушу жок, жөнү жок,
Жолоп адам барбаган.
Желдеттерге кезиксе
Менде тирүү калбаган.
Балбандын жөнү ушундай,
Моюн-башы байлалуу,
Кагыша кетсе адамдын
Жөн эле чыгат далдалы.
Түн ортосу мезгилде,
Күн кылкылдап батканда,
Эл аягы басылып,
Уйкуга көп жан жатканда,
Алмамбет уулу Күлчоро
Кынсыз кылыч байланып,
Кабагы андан бүркөлүп,
Каары бетине айланып,
Дарбазалуу эшикке,
Бекип жаткан белине,
Желдети турган жерине,
Касаба колдо калкылдап,
Кара куштан ойкума
Кынынан чыгып жаркылдап,
Кабарында бар бекен,

www.bizdin.kg



Атасы Алмаң чоң урук,
Эрендин жайы ушундай,
Бээжинден келген тоорулуп,
Желдеттерди көргөндө
Ойрон шердин тукуму
Ала-Тоодой көрүнүп.
Авасы кайда кеткен деп,
Сакчылары, желдети
Көп сурабай тил айтпай,
Как жарылып бөлүнүп.
Салам айтып чуркурап,
Көп сүйлөбөй, тил айтпай,
Каарлуу шерди көргөндө
Кандай деп сырын сурабай,
Как жарылып бөлүнүп,
Дүрбөп балбан шашышып,
Каңкылдатып сарайдын
Кармап оозун ачышып,
Дарбазадан киргенде
Онжойгон сур ат минип,
Кыйгачтатып каранды,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Алакандай кат алып,
Ээр токум такыр жок,
Алты жайдак ат алып,
Абакеси төрөдөн
Ылайыктуу кат алып,
Чакчелекей чаң болуп,
Дүрбөп желдет эл толуп
Күлчорону карасаң
Кызыл мунар чаң болуп,
Добулбасты каккылап,
Керинейди тарткылап,
Келип чоро турду эле.
Ордонун наркы эшигин,
Айчүрөк чыгар тешигин
Колжоңдотуп сур аттын
Тартып оздук бургулап,
Барбаңдаган гүл ойрон,
Балта менен ургулап,
Алдырып салган немедей,
Каарланып бөлүнүп,
Карап койсо баланын,
Ажыдаар түрү көрүнүп,
Каалгадай кашка тиш
Кашкайып чыгып калыптыр,
Кан ичер түрү чын кармап,
Кудай каргап салыптыр.
Кармашканы Каканчы,
Каздашканы Бакбурчун,
Каңкор, Бакай, Семетей,
Канчоросу дагы бар,
Каптап келген белем деп,
Көкжал шерин өлтүрүп,
Жер алдына көп кытай,
Таптап кеткен бекен деп,
Сааттын түрү бузулду,
Сакчыларды, балбанды
Такыр айдап зордуктап,
Барбаганды өлтүрүп,
Өзүн союп кордуктап,
Сакчыларды, дөөлөрдү
Айдаганы келген бейм,
Айдап барып Бээжинге,
Жалгыз жан качып кутулбайт,
Жайлаганы келген бейм?
Кылычтап айдап алат бейм,
Кызыталак кытайга
Айдап барып окустан,
Журт кырылып кокустан,
Кыргынды кызык салат бейм?
Бээжин ысык жер деген,
Ысыгы маза бербеген,
Кумга салган казандар
Куркурап чыгып кайнаган,
Тамак-аш таамай бышкыча,
Кашык суусу калбаган.
Ал жерге кимдер жетер деп,

www.bizdin.kg



Айдап барган адамдын
Ал-абалы кетер деп,
Айтып турса түгөнгүр,
Эчен түрлүү кеби бар,
Атасы Манас, Алмамбет
Алдырып кайткан Бээжинге
Башында мындай кеги бар.
Көөнү келсе Каканга,
Камбылы Бакай жол баштап,
Кармаш кылган чени бар.
Балбан жыйып, кол алып,
Кол чакырып, мол алып,
Кордукту койбой куу башка
Сала турган чени бар.
Күлчорону көргөндө
Желдеттер дүрбөп шашышып,
Жети жандан түңүлүп,
Жай-жайына качышып,
Дарбаза баккан булдурук,
Күлчоро кирип келгенде
Сурунай кулак тундуруп,
Барабан үнү бапылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Керилүү сурнай тарттырып,
Келип жаткан желдеттер
Канетсе кериш болду деп,
Керикке жүгүн арттырып,
Ок-дарысын шайлатып,
Кызыл куйрук нар төөдөн
Казатка керек болор деп,
Канча бирин байлатып,
Баары тулпар бедөөдөн
Ат күлүгүн шайлатып,
Желдети туура жетимиш,
Кароолчусу канча жүз,
Катуу шашып калды эле,
Көп сүйлөбөй, тил айтпай,
Ошол кезде Күлчоро
Кейигенсип барды эле.
Атасы Алмаң, эр Чубак,
Арыслан Манас өлгөнсүп,
Ушу бүгүн кордукту
Коңурбайдан көргөнсүп,
Суркоен оозун бурду эле,
Жеңеси Чүрөк бейбакты,
Желиктирип чакырып,
Түн ортосу мезгил кез,
Жеңекелеп бакырып,
Күлчоро барып турду эле.
Мендеден артык чын уулуу
Ал Айчүрөк катындын
Буластаган капырдын,
Эликтей ыргып жүгүрүп,
Күлчоро үнүн укканда,
Шамдагайы болжолсуз,
Шапа-шупа түйүлүп.
Айчүрөк жайы ушундай:
Өзөнү бийик, тик кыя
Өрттөнүп кеткен шуркуя.
Кара жерге кар тамса,
Карды көр да, этин көр,
Кар үстүнө кан тамса,
Канды көр да, бетин көр.
Шекердей таттуу сөзүн көр,
Чолпондой жанган көзүн көр.
Алтындан кылган сары ачкыч,
Өңкөй окшош бар ачкыч,
Көнчөгүндө жаркылдап,
Бурулганда мелтиреп,
Ай тийгендей жаркылдап.
Телегейден теңи бар,
Үстү жакы эринде
Билер-билбес түйрүк жери бар.
Бу түгөнгөн долунун
Кай жеринде кеми бар.
Бели тутам, бети айдай,
Кырга, алтын элечек,
Беризаттай бейбактын

www.bizdin.kg



Сөөлөтү жандан кем эмес.
Бул Айчүрөк катындын,
Кылтылдаган капырдын
Жанга теңээр неме эмес.
Күлсө күзгүдөй тиши көрүнүп,
Күдөрү алтын сөйкөсү
Омуроодо жаркылдап,
Бекем басып бөлүнүп,
Бет алганда бул катын
Беризаттай көрүнүп,
Аркасында кара чач
Олоңдой болуп буралып,
Аркасында чубалып,
Көрө калса жөн эле
Ичи өрттөнүп кубанып,
Короздой мойну бөлүнүп,
Кошолоңдуу бейтаалай
Мендеден бөлөк көрүнүп,
Ашып-шашып жүгүрүп,
Айчүрөк чыкты эшикке
Айчүрөктүн кырк келин,
Баары окшош чын сулуу
Байкаган көрөт да муну.
Жан-жөкөрү жолдошу,
Жан биргеси сырдашы,
Айчүрөктүн курдашы
Баары окшош тептегиз,
Бар келтирген, баары эгиз,
Бадыша зайбы кара бет
Жыйган экен тептегиз.
Кээ бирөөсүн карасаң
Кеби ширин, шекер сөз,
Келишкен экен сулуулар,
Тегиз сулуу бото көз.
Кызыл көйнөк, айча бел,
Кылпылдатып сулуудан,
Ашык жүздүү урлуудан,
Эрге жеңил ыктуудан,
Окшош сулуу мыктуудан,
Күймөнсө күзгү беттенген,
Күлсө дүйнө жыттанган,
Бели кындай, бети айдай,
Белгилүүнү чогултуп,
Алган экен шуркуя ай.
Дүнүйөдөй буралып,
Кыркы катар басканда
Адамдын бети уялып,
Кыркы келин, кыркы кыз,
Кылыктуу сулуу Айчүрөк
Жеңекең басып калды эле.
Жеңесинин артынан
Айчүрөктүн кырк келин,
Баарысы мыкты уз келин,
Кыркы катын, кыркы кыз,
Кыдырата түйүлүп,
Келеңкер соору, кең чачпак,
Келберсиген сулуулар,
Жыпар күңкүп, жез бурап,
Жылма басып, кеп сурап,
Жылас жеңең жанында
Жылма сүйлөп кашкайып,
Күдөрүдөй тастайып,
Күйүттүү жеңең баш болуп,
Күлүп атты алды эми.
Опол-Тоодой Сур аттан
Акырын алып ыпылдап,
Ак мамыга чалды эле,
Теңи күлүп, теңи ойноп,
Колтуктап аттан алды эле.
Каалга болот, сом сарай,
Бул өрттөнгөн катындын
Кылтылдаган капырдын
Сөлөкөтү бир далай.
Алтын түрдүү килемге
Алып жетип барды эле.
Килемдин жайын сурасаң –
Аркагы жибек, бети алтын,
Алтын түрдүү зор килем –

www.bizdin.kg



Абасы Семетейдин чоң килем.
Кырк жыл суюга таштаса,
Кыярып бети оңбогон.
Сексен жыл сызга таштасаң
Серпилип чирип койбогон.
Ал килемдин үстүнө
Аюу талпак оводо
Алып келип салды эле.
Айчүрөктүн кырк келин,
Шамдагайы болжолсуз,
Ачып көздү жумганча,
Андай-мындай дегиче,
Куп келтирип, аш камдап,
Шамдагайы болжолсуз,
Шапа-шупа бат камдап,
Алтындаган чарага
Алып этке толтуруп,
Казы кертип жал салып,
Чара менен бир салып,
Алып тамак койду эле.
Дүнүйөсүн жайнатып,
Түрдүү тамак салыптыр.
Багылан козу, ширин баш
Бор кайнатып калыптыр.
Баары таттуу бекер аш,
Тамак ашка тойду эле.
Дасторконду жыйганда,
Жаңы бата кылганда.
Бейбак жеңең Айчүрөк
Перизаттай чоң сулуу
Казкалдактай калкылдап,
Тийген айдай жаркылдап,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Айчүрөк жеңең кеп баштап:
«Аңгеме сөзгө чыгалык,
Уулуке, ал-абалың айта отур,
Катын да болсо угалык.
Берениң төрөң биригип,
Бээжинге казат баштапсыз,
Салыштан болсун сапарың,
Алтымыш катын, тул жеңең
Баарысын каран таштапсыз,
Жорткондо жолуң болдубу?
Уулуке, жоолошуп ишиң оңдубу?
Кагыштан кабар болдубу?
Кармашып ишиң оңдубу?
Сайышкан жооң түз болсун,
Сайышка кирчү сай кашка
Сайганың алты миң болсун.
Улуу кайгыга бассак чыгалык,
Кагыштын жөнүн айта сал,
Катын да болсо угалык».
Айчүрөк жеңең кеп баштап,
Каканчылуу Бээжиндин
Кабарын сурап турду эле.
Ал аңгыча Күлчоро
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Дагдыр болсо даба деп,
Кастарды тигип кеп каалап:
«Атайын келдик астыңа,
Айчүрөк жеңе, сага деп,
Чок-Табылга жайлаган
Чоң кара атын байлаган
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Кечилдин каны капырга
Кебез белбоо, кең өтүк,
Келберсиген баатырга
Белди бекем буудук деп,
Бээжиндеги Калчадан
Манастын кунун куудук деп,
Кыргынды кызык баштадык,
Кырк жылкычы, Мурадыл
Алты миң кытай, сан калдай
Мурадылын баш кылып,
Такыр кырып таштадык.
Кыймалуу жактан чалдырдык,
Кытайдын каны чочкого

www.bizdin.kg



Аз гана жерден алдырдык.
Төөдөй болгон зор төрө
Очогор тийди төшүнө,
От жагылды бетине,
Ок токтоду ичине,
Жапаны салды кишиге.
Койгуча түшүп ат жооруп,
Коркок болуп төрө ооруп,
Төрөсүнө карасы
Алапайын таба албай,
Айтып турган кебибиз,
Төрө Бакай жиберди,
Ажал орто абама
Огун аттап бериңиз?
Азапка болор даба деп,
Атайы келдик Айчүрөк,
Адал элең сага деп.
Жадыгөй сөзгө көнбөгөн,
Жан азгырган адамга
Эгерде көңүл бербеген.
Күзгүдөй таза Чүрөк дейт.
Бу Семетейден бөлөккө
Бурулбай турган неме дейт.
Уламадан уладык,
Билгендерден сурадык.
Бир этегиң жел ачкан,
Бир этегиң билимдүү көкжал
эр ачкан.
Дарттоого болор каза дейт,
Казыналуу катындан
Айчүрөк жеңе, сизди таза дейт.
Кыяматтык төрөңдү,
Кыялы бирге немеңди
Огун аттап, басып кел,
Ооруп турган көкжалдын
Умачтай көзүн ачып кел.
Ичинде ойноок огу бар,
Демге калбай жетпесең,
Огун аттап өтпөсөң,
Камдалуу Калча колу бар,
Айчүрөк жеңе, тилимди ал,
Айтканым ушул билип ал.
Кабарлап жолдо чабууга
Жалаң күлүк тулпардан
Алты күлүк аты бар
Калбай курбум келсин деп,
Жаза болсом дүйнөдөн
Колунан даам берсин деп,
А дүйнөлөш, биргелеш,
Жапа тартса моюндаш,
Бу дүйнөдө коюндаш,
Баатыр деген аты бар,
Кайран жеңе Айчүрөк,
Семетейдин каты бар», –
Бармак басым каттарын
Ала келип берди эле,
Жазган катты көрдү эле.
Ошондо жеңе Айчүрөк,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип,
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Кабырга сөөгү бөлүнүп,
Кайран жеңең бейбактын
Көзүнөн жашы төгүлүп.
Санаасы сандап буркурап,
Сары оору болуп чыркырап:
«Катыгүн, Каканга тийди дегиче,
Кара саат болду десеңчи,
Бээжинге тийди дегиче
Мээнет күн түштү десеңчи,
Жылкы сага керекпи?
Адырда жылкы алты сан,
Айгыры тулпар, ала баш,
Ичинде аргымак, буудан аралаш.
Тулпары күлүк, мээси жок,

www.bizdin.kg



Сандаган каран көп жылкы
Тозуп күтөр ээси жок.
Ата, жылкың менен жылас түш,
Ушундай экен дүйнө бок!
«Ай, уулуке, чынынды айт,
Кадырлуу төрөм өлгөн бейм,
Кыямат жүзүн көргөн бейм,
Кадырлаш төрөм өлгөн бейм,
Кайра келбес чын жайды
Кабылан төрөм көргөн бейм!
Жашыл ала кырмызы
Жан-жанын тытсам бөлүнбөйт,
Жаң-Жуңдун каны Коңурбай
Жанына барган мендеден
Жан коё турган көрүнбөйт.
Кызыл-тазыл кырмызы
Кыргагын тытсам бөлүнбөйт.
Кытайдын каны Коңурбай
Кыргыздан тийсе колуна
Кылчаяр неме көрүнбөйт.
Калчаны көргөн себебим
Менин атам Акунду
Кары кызың бергин деп,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй камап ок атып,
Жазга маал болгондо
Атакем шордуу байкушка
Жалдуу байтал мингизбей,
Күздүн күнү болгондо
Куйруктуу козу жегизбей,
Эгин-тегин айдатпай,
Ээн басып элди жайлатпай,
Кетмендеп жерди ачтырбай,
Кочуш тукум чачтырбай,
Сасык камал кылганда,
Салыша кетип ооганды
Эрендерди кырганда
Атама жапа салганда,
Айылды Чынкожо камап калганда,
Тамынын баарын уратып,
Талын кыркып сулатып,
Ойронду опсуз салганда,
Карыганда Акунду
Отунчу кылып алам деп,
Деген сөзгө көнгүн деп,
Аркы Манас келини
Айчүрөк бизге бергин деп,
Жети-Өзөндүү жедигер
Жетип каптап көп кыргыз
Камап барып турганда,
Канча журтту кырганда,
Жайы-кышы ал жетпей
Жапаны жаман көргөндө,
Мен шордуунун айынан
Эчен адам өлгөндө,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Каратты каалап мингенде,
Калың журтту бой кылып,
Ового айдап киргенде
Сиериме жер таппай
Тиериме эр таппай
Ак куу кебин кийгемин.
Куудай болуп кукулдап,
Эр кыдырып, жар издеп,
Тие турган кан издеп,
Ак бороон тоону сыдырдым,
Ар жагы Какан Чоң-Бээжин
Учуна чейин кыдырдым.
Кыр-Кайыңдын боюнда,
Кыл-Эртиштин оюнда,
Касмандын кара тоосунун
Куюлган туура бетинде,
Күрпүлдөктүн Сары-Суу
Сары-Суунун четинде
Билериктүү кур жылкы
Караанына көз жетпес.
Чыйырчыктай ыйык мал
Сууга чубап киргенде

www.bizdin.kg



Ал жылкынын артынан
Алты сан кытай, кырк калдай,
Ошолордун аксакалы Коңурбай,
Кебез белбоо, кендир кур,
Келберсиген Калчаны
Кечүүдөн сынап тургамын.
Итиң көк күбөнү жамынып,
Көрөр болсоң, Коңурбай
Көк жолборстой чамынып,
Жетимиш ашып, сексенге
Барып калган кези экен.
Эти качып териси
Тарып калган кези экен.
Кара сакал ак болуп,
Карып калган кези экен.
Карыганда Коңурбай
Карып калган доңуз ай,
Кашаттан сынап тургамын.
Көрүүгө салган там экен,
Кечилдин мыкты каны экен.
Айзага камбыл ыктуу экен,
Айласы кыйын мыктуу экен.
Көк ала сакал чоң манжуу
Сынагамын Калчаны
Чоң өтүк бутта чойкоюп,
Короздой мойну койкоюп,
Көз айнеги балкылдап,
Көөкөрдөй болгон шуру таш
Аркасында жаркылдап,
Тилегиң каткан Калчанын
Типтик чыккан муруту
Айбалтанын сабы окшоп,
Мурунунун чоңдугу
Селебенин кабы окшоп.
Эки көздүн кычыгы
Ачылып калган көргө окшоп.
Чоң мандайын карасаң
Кенен жайлоо төргө окшоп.
Эңчегей бойлуу, жайык төш,
Эсеби жок эр Калча
Кумдагы изин карасаң,
Өтүгүнүн таманы
Басып кеткен жерлери
Он эки карыш сере экен.
О дүйнө кеткен атамды
Аңдып туруп ал Калча
Чапкандыгы эп экен.
Калжайган Калча берендин
Кандыгын көрүп жактырып,
Калдайларын ээрчитип,
Сейилдикке Коңурбай
Келген экен малына.
Оозундагы түтүнү
Алтын айдар сыр канжа
Алачыктай чоң Калча
Оң жагында дүңгүрчөк,
Дүңгүрчөккө тамеки
Төбөндөн тийген чоң Калча
Канжасына тамеки
Төрт чеңгелдеп салды эле,
Коңурбайдын сыр канжа
Ошондо карап байкасам,
Төрт эли бөксө калды эле
Кытай оттук Боорташ
Кыйын экен Коңурбай
Кырып ийип от коюп,
Кырганда күйүп дуу коюп,
Канжасынын оозуна,
От аралаш оңбогур
Жолум үйдөй куу коюп,
Сол колунда канжасы,
Эт бышымга коркурап,
Сууга кирген сан жылкы
Коё берсе түтүнүн,
Туман болуп жер жайнап,
Адашып калды чуркурап.
Ошондо көрүп Калчаны,
Сынаганмын канчаны.

www.bizdin.kg



Кордугунан Кожонун
Маңдайга моюн бургамын,
Карыса көөнүм мейли деп,
Чын кызыгып тургамын.
Каалап келип Кытайга,
Карганда тийип кетейин.
О, дүйнө кеткен кайнатам
Оройюн сыйлай кетейин!
Арбактан коркуп иш ойлоп
Абайла мындай күч ойлоп,
Атадан калган муразым,
Семетейди көргөмүн,
Көргөн жерден кызыгып,
Көңүлүмдү бөлгөмүн.
Бээжиндин каны Коңурбай,
Кокуйкүн уул не дейсиң?
Менде тиер жан эмес.
Какандын каны чочкого
Кармашың жетчү жан эмес.
Акылы толук сыйкырчы,
Адамдын алы жетеби,
Айбаты кымбат арамга
Бөрүнүн тиши өтөбү!..»
Айчүрөк жайы ушундай,
Айта салып бу кепти,
Буркурап ыйлап күйүнүп,
Муңайып мүшкүл үшкүрүп,
Аккуу кебин кийинип,
Айкөл Семетейине,
Бир беттешип калууга
Керемети билинип.
Жүргөнүн күндүз күн билип,
Учканын каран түн билип,
Кайран жеңе Айчүрөк,
Кереметтүү жан экен.
Адамдан чыккан ак жолтой,
Айчүрөктүн колунда,
Дүнүйөлүк болжошу,
Айчүрөктүн жолдошу.
Тоюна токсон сойдуруп,
Атын Быйты койдурган.
Ургаачынын узу экен,
Айган кандын кызы экен.
Чүрөк менен бир өскөн,
Коюндашып тең өскөн.
Биттейинде биригип,
Бармактайда баш кошкон.
Кенедейде кезиккен
Айчүрөктүн сырдашы,
Асыл Быйты курдашы,
Кең көйнөктүн тазасы,
Айчүрөктүн кырк келин
Кырк келиндин башасы.
Тили чечен, сөзү бал,
Алыстан көрчү көзү бар.
Жаман менен жакшыны,
Айра билер сынчысы,
Ажал, азап, өлүмгө,
Туу түбүндө турчусу.
Кеби ширин, тили бал,
Мендеге бүтпөйт мындай жар.
Быйтысына билгизип,
Жан биргеси Быйтыны
Куйругуна мингизип,
Быйтыны жанга кошчу алып,
Ак куу кебин кийинип,
Тоо-таш бойлоп сыдырып,
Толгон жерди кыдырып.
Айчүрөк учуп кетти эми.
Минген аты Суркоен,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Ааламды бузган чоң оен.
Каныкейден бата алып,
Жети жылы туу калган
Ай маңдай кула сур бээни
Жылкыдан кармап алдырып,
Ай туякка чалдырып:
Абам Семетей аман калса деп,

www.bizdin.kg



Таласты келип көрсө деп,
Баабединин бат айтып,
Ай туякка ат айтып,
Айры өркөчтүү төө айтып,
Семетейден чочунуп,
Тулпарын турбай токунуп.
Ок өтпөстү кийинип,
Каныкей турат күйүнүп.
Жай-жарагын шайланып,
Атасын тарткан кыраанын
Жалаң кылыч байланып.
Сыягы кымбат, заары күч,
Кызыталак Күлчоро
Жоого ылайык жаралган,
Жосунун көрсөң жөн эле
Өлдүм деп жандан күдөр үз.
Күмүштөн кисе курчанып,
Күндөй бетин нур чалып,
Алтындан кисе курчанып,
Айдай бетин нур чалып,
Семетей тозуп баруута
Ашып-шашып сүйүнүп,
Көпкөк темир кийинип.
Толу боюн топчулап,
Толтоюңку кызыл жүз
Көк темир менен үпчүлөп.
Камданып чоро турганда
Кашаты курчтан байлалуу,
Каран калган жыластын
Багалеги саймалуу.
Ичин жибек иштеген,
Байкуш энем Каныкей
Жети жыл иштеп, тиштеген,
Жылан боор бүктүрүп,
Жылас болгон каранды
Жыбыратып тиктирип,
Болбос жерин сөктүргөн,
Болот эгеп жиберип,
Ортосуна төктүргөн.
Бүтүн кундуз терисин
Жарып тилип алдырган,
Багалекке салдырган.
Ошол катын Каныкей
Урушка тонун камдаган.
Кемпир да болсо энекең
Бекер карап калбаган.
Уламадан улаган,
Билгичтерден сураган.
Картайганда энекең
Бекерге карап турбаган.
Келгендерден кеп уккан,
Түгөнгөн тоонун урчугу,
Дүмпүйгөн сырттын тумшугу
Сыртта оттогон тоо теке –
Жарда жүргөн зоо теке,
Сырты кара, боору көк
Териси калың үч эли
Тоо мыктуусун чалдырган,
Көзгө атуучу мергенден
Бөлөкбайды баш кылып,
Адис мерген атыгып,
Жер жүзүнө жеңекем -
Мыкты катын энекем
Жетимиш мерген салдырган.
Айткан жердин текесин
Койбой атып алдырган.
Бир кишиге билдирбей,
Бир адамга туйгузбай,
Туз бөлөтүп мыктатып,
Чоң сандыкка салдырган,
Жайы-кышы он эки ай
Ашаткысын кандырган.
Тал кабыгын талкалап,
Тартышта тарып кетет – деп,
Кабыкка мыктап салдырган.
Кемпир бычып, уз тиккен,
Келин тиштеп, кыз бүккөн.
Ичин жибек иштеген,

www.bizdin.kg



Айчүрөк бейбак баш болуп,
Алтымыш келин тиштеген.
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса – ок өтпөс.
Машаанын мурду батпаган,
Барандын огу өтпөгөн.
Энекең жасап, зар ыйлап,
Кармашка кирсе кийсин – деп,
Камкор энем Каныкей,
Бүтүргөн экен Бээжиндин
Бүлүгүнө арынап.
Бейлебей койсом бекер – деп,
Бээжин менен беттешсе
Ок жаңылар бекен – деп,
Каалап кылган кандагай –
Ычкыры жибек чоктолуу,
Карагымдын бир башы
Токсон арга токтолуу.
Асыл энең Каныкей
Алышка балам кийсин – деп,
Кармаш кылсаң Калчага
Кажыбай жоого тийгин – деп,
Арыктуу кытай эл эле,
Алты атаң күтүп кыргынды
Алыша жүргөн жер эле.
Маңдай-тескей турушкан
Эр деп койгон кулунум,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушкан.
Жаа огу учуп шыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлсө шыркырап,
Кемегедей бир жерди
Кесе чаап ойгула,
Кепиниң ушул болсун – деп,
Кийими менен койгула.
Ажалдан асты тартбагын,
Өлүмдөн кайра кайтпагын.
Чынмачындын Каканга
Чын кыргынды салгыла,
А дүйнө кеткен шерлердин,
Артык көкжал эрлердин
Минтип өчүн алгыла.
Ажалы жетсе эр жигит
Казатта жүрсө өлбөйбү,
Жараткан чийип койгонун
Мендеси чиркин көрбөйбү!
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Кара болот жошого,
Кулундарым, чунактар,
Кармаш кылгын ошого.
Жазайыл тийсе көргүлө,
Жаң-жуңдун каны кул менен
Үрпөңдөшүп келгиле» –
Деп, ошентүп Каныкей
Кабырганын себилди,
Алып чыкты бир буюм
Эмчектен өөдө себилди.
Арыптап кырчтан орогон,
Алыска өлчөп жорогон.
Ар борумун ашаган,
Кыйыгын кыска машаган.
Буйрук алып энеңден
Төкөр уста Бөлөкбай
Ошо байкуш жасаган.
Арыптан курчтан орогон,
Семетейдин казына
Буларды жасап турганда
Арбынырaак корогон.
Эпсиз катын Каныкей
Энелигин билгизип,
Эңишке муну кийгин – деп,
Ич этинен балага
Себил тонду кийгизип.
Ай далыга темирди
Айза тийип кетпеске,
Ажалы бөөдө жетпеске,

www.bizdin.kg



Ок өтпөстү кийгизип.
Чымын канат, чылгый жез,
Анын үстү жагында,
Чын бадана торгой көз,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Ичи кымбат атылес.
Мурунтан була алдырып,
Басып атып буладан
Караң калган жыласка
Кары бою салдырган.
Каршы-терши ок атса,
Ок чалынып өтө албай,
Керектүү жерге жете албай,
Ортосуна калтырган.
Мылтык атса ок өтпөс,
Айза сайса айза өтпөс,
Каныкей кылган боз чепкен
Жакасы алтын кат койгон
Кагышка балдар кийсин – деп,
Кажыбай жоого тийсин – деп,
Энекеси шордуунун
Кадырын каалап билсин – деп,
Кайран энең жасаган.
Энелигин билгизип,
Энтеңдеген чорого
Боз чепкенин кийгизип,
Керектүү энең Каныкей
Керемети ушундай.
Семетей жара жегенге
Жаман кемпир бириндей,
Кабагын түйүп кырт этпей,
Кагышкан эрен көрөр – деп,
Кайран энең былк этпей,
Анын ар жак жагынан,
Айтып турган иш кыйын,
Асыл энең Каныкей
Алып чыкты бир буюм.
Көтөргөнү көп балбан,
Берен балдар тура тур,
Бээжинге салсаң чоң жаңжал
Кагышка кирсең бир атак,
Кун кубалап, ал жерден,
Бээжинге салсаң чоң чатак,
Бет алышып турушсаң,
Айза менен жете албай,
Мылтык менен урушсаң,
Кун кубалап урушуң,
Кулжуңдашып турушуң,
Алтайдан мурун мен энең
Абайлап эчак билгемин,
Алышка кирсең арноого
Ок даярдап жүргөмүн.
Туу түбүнө турушка,
Турбай алты ай урушка
Булгаарыга чаптатып,
Жетсе колго тиет – деп,
Былкылдатпай ородум,
Кагышка кетсең Бээжинге
Атышына жородум.
Чогуу байкап алуучу,
Чапчыша кетсең Калчага
Алты айга болжоп койгомун
Чогуусу менен ок-дары
Чоң куржунга салылуу,
Ата, балам, Күлчоро,
Аңдабай койсоң жаманат,
Семетей, Бакай абаңа
Серпише кетсе чоң тирек
Окту бердим аманат.
Айза, даяр мылтыгың
Жасап жүргөн мунум бар.
Жердин үстүн чалдырдым,
Малдан алып баарды,
Кыдырттым кыйла шаарды.
Жердин үстүн чалдырдым,
Буттап алтын зер берип,
Чайдоос арзан, чай арзан,
Жетпеген курсак тойдурган,

www.bizdin.kg



Самаркандан алдырдым.
Самаркандын кара курч –
Курчун сынап көрдүрдүм.
Акысына карандын
Дорболоп алтын бердирдим.
Бөлөкбайды баш кылып,
Устаны жыйып алдырдым.
Жасаарында каранга
Он эки көөрүк салдырдым.
Аргын менен кыргыздын
Ал көөрүктү басууга,
Болоттун жүзүн ачууга
Балбанын жыйып калтырдым.
Ичишине балбанга,
Шекер чайкап, бал бердим.
Калың майдан омуруп,
Сары майдан томуруп,
Суусунуна даярдап,
Арак менен кымызды
Көөрчак кылып чалдырдым,
Кызмат кылган балбанды
Суусунун мындан кандырдым.
Акысына ат берип,
Аянбастан бат берип,
Күндүгүнө карандын
Топтоп алтын зер берип,
Ашаткандан машаттым,
Аяш ата чоң уста
Казынанын каны эле,
Касиеттүү жан эле.
Бөлөкбайга жасаттым.
Толтосу алтын болгон курч
Колдон тайып кетпеске
Сабына алтын талдырдым,
Ылайыктап көөхардан
Арт жагына салдырдым.
Ар кыл курчтан бек чойдум,
Кагышка балдар алсын – деп,
Кагышкан жерде бүлүктү
Кан төгүлтүп жарсын – деп,
Айзасына беришсе
Айбалталар быркырап,
Тизгиндешип келишсе,
Кылыч сынып быркырап,
Кабы куру калышса,
Кайра тартпай урушуп,
Камчы менен салышса,
Кымбат баалуу ак тинте
Кырышка кыйын чак тинте
Кызыгышкан душманга
Жакындаша келгенде
Кыйкыргандан кызыгып,
Кынынан суурул алсын – деп,
Кыйын каардуу душманды
Кый сүбөөгө малсын – деп,
Кызыл канга чөмүлтүп,
Капкайда кегин алсын деп,
Жасатып койгон мунум бар.
Жан бирге уулум, угуп ал...
Бир шамшардын өзүндө
Жетимиш арлык куну бар.
Тизгиндешип калганда,
Тизелеше бергенде
Кынынан суурул алсын деп,
Кыйын жанга күч келип,
Кызыгыша келгенде
Кый сүбөөгө малсын – деп,
Кармашарың каканчын
Кармашса дүмөк салсын – деп,
Бээжинде өлгөн эрлердин
Капкайда өчүн алсын – деп,
Чоң калайман саларын,
Чындап эчак билгемин.
Акысына карандын
Алтымыш байтал бердирип,
Ырас кыраан балдарын
Ылайыктап жүргөмүн.
Беренинен берди – деп,

www.bizdin.kg



Берен Бакай, Семетей
Асыл уулум, кантейин,
Аманат бердим ала бар.
Кында жүрсө актинте,
Кайран жандын болжолу,
Кагышка кирсе актинте
Аманат кандын коргону.
Мен энекең бейтаалай
Белек кылып жүргөмүн,
Бергеним белип билер – деп,
Кынынан сууруп каранды
Бекем кармап алар – деп,
Беш түмөндөп кол келсе,
Белгилүү жанга мол келсе,
Бейпайды мыкты салсын – деп,
Бет алышкан душмандан
Капкайда кегин алсын – деп,
Колго алганда берендин
Сунса канбайт ич арман.
Бээжинге салсаң чоң жаңжал
Жай-жарактын баары шай.
Бул өңдөнүп ким жүргөн,
Бээжинге салса чоң дүрбөн
Урушту мыкты салсын – деп,
Энекем берен экен – деп,
Көңүлгө мени алсын – деп,
Шибер чапса жалт эткен,
Таштан кайра тартпаган,
Шилтештен кайра кайтпаган,
Айкырып жоого шилтесе
Мизи чоктой кызарган,
Аябай шилтеп жиберсе
Кере карыш узарган,
Уу менен сугартып,
Уулап жатып кызарткан,
Урушка кирсе кубанткан.
Ашагандан машаган,
Табылбас болот кара курч
Ошондон жууруп жасаткан.
Жуурганда каранды
Балбандар чыдап турбаган,
Карсылдатып соккондо
Барскан, дөшү кыйраган.
Сабына алтын толгогон,
Жолу болгон каранды
Жоо жагына жорогон.
Толтого алтын салдырган,
Төкөр уста Бөлөкбай
Уусун таап сугарган,
Шилтегенде жөн эле
Адамдын жанын чыгарган.
Берен уулум Күлчором,
Белиңерге чалгыла.
Ак тинте деп ат койдум,
Белек кылып алгыла!
Бет алган жоодон түк кайтпай,
Бейпайды мыктап салгыла!
Бээжинге жаңжал кыларбы,
Бет алган жанды кырарбы?
Эчак эле билгемин,
Каканчы оңой эл эмес.
Ылайыктап жоо жабдык
Эчак жасап жүргөмүн.
Кичи казат чоң атак –
Бээжинге салсаң чоң чатак
Бет алышып келгенде
Бейпайыңды билгемин.
Алмаз курсак айбалта
Ылайыктап баарыңа,
Ыраасы Бакай карыңа,
Ылайыктап жүргөмүн.
Кармашканы каканчын
Кайратты мыктап салсын – деп,
Энекемдин жабдык – деп,
Мура кылып алсын – деп,
Кылып жүргөн мунум бар.
Кырааным, уулум, угуп ал.
Алтын жаак айбалта

www.bizdin.kg



Сабына алтын бурдурдум.
Бүлдүргөсүн тасмадан
Буруп мыктап тактырдым,
Эч бир жанга көрсөтпөй
Каран калган жыласты
Казынага бактырдым.
Булгаарыга каптатып,
Асемдетип саптатып,
Төртөөңөргө төрт балта
Төрөдөн калган белектир.
Мураага муну алсын – деп,
Жаңжалды мыктап салсын – деп,
Илгерки кеткен шерлердин
Зайыпуруш эрлердин
Капкайда кегин алсын – деп,
Чалкалаган Бээжинге
Чаң саларың билгемин.
Төртөөңөргө төрт болот
Ылайыктап жүргөмүн.
Айбалта жайы ушундай –
Ай жазаса ат бердим
Жасагандын акысы
Мизине албарс кердирип,
Адырдагы миң байтал
Акысы ушу болот – деп,
Усталарга бердирдим.
Каран калган балтанын
Кайсы дартын айтайын.
Көмүрүнө чыдабай,
Көпкөк токой жоюлду,
Көөрүгүнө чыдабай
Көп букалар союлду.
Сугатына чыдабай,
Кайнар булак соолду.
Учу мыкты болсун – деп,
Уланды курчтан чыгарган.
Тийгенинин баарысы
Тирүү калбай өлсүн – деп,
Ажыдаардын уусуна
Асыл уста Бөлөкбай
Алтымыш жолу сугарган.
Тийген жери тим калбай,
Кабылдап кетип өлсүн – деп,
Анын көз жашына сугарган.
Сабына алтын кердирген,
Жасоосун мыктай бердирген.
Уңгусунун көзүнө
Алтындан мыктап салдырган,
Айкалышкан жоо келсе
Адамдын мээрин кандырган.
Төртөөңөргө төрт балта –
Ылайыктап жасаган,
Алганда болбойт түк арман
Бээжинге салса чоң жаңжал
Берендер сага жасагам.
Ушу берген айбалта
Белиңе кынай чалыңыз,
Берен уулум, момуну
Береним энем берди – деп,
Белекке алып барыңыз –
Деп, өшөнтүп, Каныкей
Айбалтаны берди эле,
«Энекем бейбак экен – деп,
Күлчоро кыраан көрдү эле.
Битиң биттеп калбаска
Бит кийимиң бир бөлөк,
Кушуң куштап кетпеске
Куш кийимиң бир бөлөк.
Өзү болсо кийсин – деп,
Кажыбай жоого тийсин – деп,
Энесинин кадырын
Султан уулум билсин – деп,
Бээжинге салса чоң жаңжал
Эрендерге жасадым
Он эки көйнөк, он дамбал,
Ич кийимиң мындайча.
Чалыяр жетпес Бээжинге
Чалышка кийип барсын – деп,

www.bizdin.kg



Дүмөктү түптүз салсын – деп,
Барган жан тартпас Бээжинге
Мүшкүлдү мыктап салсын – деп,
Калдайдын уулу капырга,
Кайраты толук, заары күч,
Кан Коңурбай баатырга
Маңдайлаша калсын – деп,
Кызыккан жоого моминтип,
Кыргынды кымбат салсын – деп,
Маңдайлашып турушса,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушса,
Айкырып айза салышса,
Жерден мунар кан чыгып,
Бет алышып салышса,
Айзалашып турушуп,
Аманат жанды кыйышып,
Адамды чымчык көрбөстөн
Чымырканып урушуп,
Маңдайлаша калышса
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып салышса,
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлсө шыркырап,
Кемегедей бир жайды
Кесе чаап ойсун – деп,
Кемини ушул болсун – деп,
Кийимин чечпей койсун – деп,
Кагышып жүрүп чөлдө өлсө,
Ашуусу бийик белде өлсө,
Кармашка кирген далайдын
Адаты ушул болсун – деп,
Кылган кийимим мунум бар,
Кымбатым уулум, угуп ал.
Бээжин оңой жер эмес,
Беттешип жеңер эл эмес.
Какандын журту калың журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Албан түрлүү эли бар,
Ашкере салган чеби бар.
Айта берсек түгөнбөс,
Чоң-Бээжиндин кеби бар.
Бээжинге болжоп жасаган
Энекеңдин кийми бар.
Кармашта карап ким туруш,
Каканга салсаң чоң уруш
Битиң-биттеп кетпеске
Ылайык тонум мунум бар.
Ырасын уулум, угуп ал.
Чалыяр жетпес Чоң-Бээжин
Чарк жетишпей калышса
Топондой каптап Чоң-Бээжин
Тозокту толук салышса
Ал-кубаты качар – деп,
Жаңжалдашкан балдардын
Азыгы болор ачар – деп,
Шайманы кетип, карны ачса,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлөк ок атып,
Ит оорусун карматып,
Кырк уруу кытай Бээжиндин
Койбой колун жайнатып,
Кыргынды кызык салганда,
Кыжылдаган көп манжуу
Тегеректеп алганда
Эр азыксыз болот – деп,
Бу кадырын билгемин,
Жети жыл ичсе түгөнгүс
Мен энекең Каныкей
Күлазык камдап жүргөмүн.
Орунбоор менен Маргалаң,
Ортосу Кокон, Самаркан
Малдан алып баарды,
Кыдыртып кыйла шаарды,
Жетик атаң барында
Жекейбоз тонду кийгизип,
Желгенине жел жетпес,

www.bizdin.kg



Чөлгө кирсе чөөлүкбөс,
Адырга салса арыбас,
Ташка салса тайгылбас,
Музга жүрсө муңкайбас,
Чөлгө салса суусабас,
Буйласы алтын илинген,
Чу койгондо жөн эле
Төрт аяктуу айбандан
Күлүктүгү билинген.
Көргөндө абийир жабылган,
Берен көкжал атаңа
Медиян чөлдөн табылган
Жалпак өркөч кара нар
Төөдөн күлүк Желмаян,
Желмаянды мингизип,
Желдеттен тандап жүргүзүп,
Кырк чоронун ичинен
Бекерге карап калбасын,
Артык эптүү ыктуудан,
Алтымыш чоро ичинен
Эр Серекти шайладым.
Тоо-тоолотуп сыдыртып,
Кулак угуп, көз көргөн
Жерди койбой кыдыртып,
Жетиктеп куба кандырып,
Жердин жүзүн чалдырып,
Аралга нечен мээ чөп,
Албан түрлүү дарыдан
Кулазыкты алдырдым.
Баары-жогун коштуруп,
Чар дарылап салдырдым.
Чабышка мыктап түшсүн – деп,
Чаалыгып кеткен жеринде
Чайкап балдар ичсин – деп,
Тартып ийсе ич муздап,
Ооруган жер басылган.
Чайкап тартып жиберсе,
Умачтай көз ачылган.
Кабын сонун орогон,
Казатка мыктап жорогон
Каалап берген кулазык
Канышкей берер мунум бар,
Кадырман балдар, угуп ал.
Күндөп-түндөп турушсаң,
Күпүлдөшүп урушсаң,
Өлбөгөндөн калышсаң,
Өлчөөсүз алты ай салышсаң,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзам кулу учкуча,
Мыктап алты ай салышса,
Чарчаганда көкжалдар
Жайлуу жерге турсун – деп,
Энеси берген кулазык
Чайкап муну ичсин – деп,
Кубаттанып алсын – деп,
Кубара талак Бээжинге
Колунду мыктап салсын – деп,
Арнаган мунум бар,
Кымбатым балдар, угуп ал!
Чогуу бойдон бекитип,
Чоң куржундун түбүнө
Мээнет катын, мен энең
Белекке берген кулазык
Береним балдар, угуп ал,
Эми балам, Күлчоро,
Саламат барып, сак келгин,
Карганда кайран энеңди
Сароору кылбай бат келгин!
Алдырып салсаң жаманат,
Жаратылыш Кудайга
Жалгыздарым аманат!
Жетимдер качан келет – деп,
Жети ай күтүп жүрөрмүн,
Жетинчи айда келбесең
Мен кара бет бейтаалай
Ажалдан мурун өлөрмүн!
Кагышың Бээжин ир болсун,
Кагылайын жетимдер,

www.bizdin.kg



Кагышың журтка дүң болсун!
Качырып сайган душманың
Санаты туура миң болсун
Айзага таккан желектер,
Кыраандан калган белектер
Кабарың журтка дүң болсун
Кагышкан жериң түз болсун!
Артта калган адамга
Унутулгус иш болсун
Ишиңди Алдам оңдосун,
О дүйнө кеткен эрлердин,
Зайыпуруш шерлердин,
Арбагы сени колдосун!»
Деп, өшөнтүп, Каныкей,
Билбегенди билгизип,
Минтип турду балага,
Туйбаганды туйгузуп,
Туура шердик кепти айтып,
Кыргын болчу эпти айтып,
Далай мүшкүл, далай оор,
Асыл энең Каныкей
Албан түрдүү кепти айтып,
Ок өтпөс тонун кийгизип,
Ордодо ыйлап турду эле.
Алмамбет уулу Күлчоро,
Темир таман үзөңгү
Теппей чурап минди эми.
Текши болот ок өтпөс,
Күлчоро берен кийди эми.
Кагышчу киймин кийинип,
Кабагым-кашым дебестен,
Кашкая күлүп сүйүнүп,
Кыргын киймин кийинип,
Кыз койнуна жөн эле,
Күйөөлөп барчу немедей,
Кымылдап күлүп сүйүнүп.
Күлүп сүйлөп кашкандап,
Күлүмсүрөп тастаңдап,
Жай-жарагын байланып,
Жоо-жарагын камданып,
Төбөкелдеп Күлчоро
Токтоно албай айза алып.
Жоо-жарагын шайланып,
Кылычын кыя байланып,
Зыңгырап чоро кенебей,
Өлүм менен ажалды
Бучкагына теңебей,
Эрдик менен кесирди
Берген экен ченебей.
Баланы көрүп алганда,
Кайра келер бекен – деп,
Кызылды кийген кыз ыйлап,
Келеңкер соору айча бел
Келинден сулуу көп ыйлап,
Кайра тартып Таласка
Келер бекен – деп ыйлап.
Каныкей баштап карыя
Кол көтөрүп буркурап,
Кадырды билген катын-кыз,
Келбей калчу немедей,
Эр өлгөндөй чуркурап.
Баланын жайы момундай,
Сапаты алтын тон кийип,
Суурдай сур ат минип,
Сулуу чийкил Күлчоро,
Кыйгачтатып тулпардын
Кыл куйругун шарт түйүп.
Аргытып чуркап аруулап,
Онжоңдотуп жыласты,
Ок өтпөгөн сур жабуу –
Он төрт атка куп жабуу,
Ошону менен жабуулап.
Беш маал оңдоп токутуп,
Алмамбет уулу Күлчоро
Бедели жанды чочутуп.
Чымчык учпас кең сайдан,
Жоо кутулбас айзадан.
«Ай, энеке, Каныкей,

www.bizdin.kg



Кармаш кылса Каканды
Көргөнү кетип баратам,
Каза болсом Бээжинде
Өлгөнү кетип баратам.
Айза кармап, топ бузуп,
Дагдыр жетсе окко учуп.
Күндөп-түндөп сайышып,
Күрсүлдөшүп көрөмүн.
Ажал дагдыр күн бүтсө
Чоң-Бээжинде өлөмүн.
Өлбөй жүрсө курган баш,
А дүйнө кеткен атамдын
Кунун кууп келемин.
Минген атым Суркоен,
Кыйшайтып оозун бурамын,
Кыжылдаган манжууга
Кыйкырып айза сунамын.
Белестен тозом көчүмдү,
Бейли кара Калчадан
Ушунтип алам өчүмдү.
Эски жара картымды
Кечилдин каны Коңурбай
Өлбөсөм алам дартымды.
Беш аркар жылдыз баткыча
Беш кайра жолу эмизген
Берерим энем Каныкей,
Бек дүмөк айттым угуп ал.
Жараткан чийсе дагдырды
Көргөнү кетип баратам.
Жайнаган кытай манжуудан
Дагдыр каза күн бүтсө
Өлгөнү кетип баратам!
Кайнаган кытай калкына
Ошо калкты сураган
Каруусу толук капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Кармашканы баратам.
Чын дарманым бар болсо,
Чымачынга Бээжинге
Чындап айза сунамын,
Каканчыга дыңшага
Качырып айза сунамын,
Эрди намызга жараткан
Кармашарым Коңурбай
Кан төкпөй кантип турамын.
Каныкей берген көк куржун,
Атандык эмес лөк куржун,
Боосу танап, оозу бек,
Болжолу жок чоң куржун.
Акканкыга салды эле,
Каныкейден бата алып,
Бээжинди көздөй аттанып,
Капаланып артынан,
Канкор султан абасы
Семетейдин дартынан,
Аттанып чыкты Таластан,
Ал күнү Чоро жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Күдөрүн үзбөй мол жүрүп.
Айдап алып кайран шер
Айчүрөктүн артынан,
Ашуу ашып, токтобой
Семетейдин дартынан.
Күлчоро тынбай жол жүрүп,
Күлүктү аябай мол жүрүп,
Ат болушун сыдырып,
Асмандап учуп Айчүрөк,
Жердин үстүн Күлчоро,
Суркоен менен кыдырып.
Туягы жерге илинип,
Тулпардык сыны билинип.
Чуркаганда Суркоен,
Омбул-домбул түйүлүп,
Оңко аткандай сүйүнүп.
Эңгил-деңгил түйүлүп,
Эңке аткандай сүйүнүп.
Өң кубулуп бөлүнүп,

www.bizdin.kg



Каарланып Күлчоро
Арысландай түрү көрүнүп.
Ашуу ашып, таш басып,
Абакем кандай болду – деп,
Акылынан бек шашып.
Асты менен Күлчоро
Аябай жүрүп алды эми,
Кукулуктап, куу болуп,
Айчүрөк учуп алды эми.
Каркыранын бетине,
Кара-Саздын четине
Керетин кенен билгизген,
Кеңеш тапчу Быйтыңы,
Канатына мингизген.
Каркыранын Кара-Саз,
Кара-Сазга барганда
Чын учмак болуп камынып,
Быйтысына жалынып.
«Кагылайын Быйты жан,
Көп сүйлөшсөк кумарлаш,
Кебибиз бирге курбалдаш,
Аман болсо зор төрө,
Эсен болсо чоң төрө.
Кереметтүү Быйты жан,
Касиетим билгизем.
Кырк келин, кырк кыз,
Кыйын саны так сексен,
Агача келин, жубан кыз,
Быйтым сага билгизем.
Төлгө тартар Төлөгүм,
Төлгөңдү тартсаң көрөмүн.
Ырас болсоң сен Быйты,
Керегиң азыр көрөмүн.
Жаман болсо ал төрөм,
Каарды катуу баштаймын,
Жаман болуп бет тытсаң,
Береним өлүп кан жутсам,
Бу талаага таштаймын.
Тулпарга салган өрөнү,
Айланайын Быйты жан,
Аман-эсен бир Кудай,
Көргөзөр бекен төрөнү.
Кең тилекти бек кылып,
Керетиңде биле бер.
Мен кайрылып тарткыча,
Жолугушуп кайткыча
Кемирчек казып жүрө бер!
Аман болсо чоң төрөм,
Чоң жакшылык көрөбүз.
Жаман болсо Семетей,
Так экөөбүз өлөбүз!..» –
Деп, өшөнтүп Айчүрөк,
Учуп жолду баштады.
Кара-Саздын боюна,
Каркыранын оюна,
Мээнет катын Айчүрөк
Белек кылып ал жайга
Быйты жанды таштады.
Аккуу болуп кукулдап,
Тоо буткулду сыдырды,
Толуп жаткан канча жай
Бирөөн койбой кыдырды.
Чарчабастан талыкпай,
Будурду учуп бакалап,
Мунарык чөлдү жакалап,
Эчки-Өлбөстүн эки чат,
Эңкейип учуп сыдырып,
Үч-Жыргалаң, Чоң-Көңүз,
Бою менен кыдырып,
Айчүрөк кирип барды эле,
Жерин көрүп кубанып,
Жеңекең карап таң калып.
Өзөн койгон талаага
Кайкалап кыргыз консочу,
Алмалуу булак кең өзөн,
Атаганат сонун жай,
Биздин жайлар болсочу,
Жер соорусу турбайбы,

www.bizdin.kg



Жердеген адам тунбайбы.
Тоолорунда кары бар,
Токою толгон чары бар.
Алмалуу булак, кең өзөн,
Адамга жайлоо кайран жай
Бул өзөндүн ичинде
Ар сонундун баары бар.
Буйгагында угузуп,
Кызык экен мунусу.
Аскасында аюусу,
Жондорунда жолборсу,
Бөксөсүндө бөрүсү.
Өзөн ылдый шаркырап,
Муздак жел уруп шуулдап,
Каркырасы-турнасы,
Кулак жарып чуулдап.
Тоо, ташы бийик доолдап,
Бүлдүркөн бышып төгүлүп,
Ушу жайды карасаң,
Чын бейиштей көрүнүп.
Балтырканы билектей,
Марал үркүп чу койсо,
Мала кашка инектей.
Чырпыгы бар чынардай,
Чымчыгы бар улардай.
Бурулган токой булбулу,
Муңканып кайрып таңшыса
Муңдуу киши уккусуз,
Бу жерге келген калайык
Ичинен басып чыккысыз.
Элкин-элкин бел экен,
Кызыл токой майдан тал,
Кызыктуу токой чер экен.
Кайыңында бүрү бар,
Токоюна көз салса,
Албан түрдүү гүлү бар.
Акыл айран, таң калган
Бу кызык жайды билип ал,
Кең дарыя суу бар.
Келберсиген Айчүрөк,
Керүүлөй учуп көз салса,
Коктудан түтүн бөлүнөт,
Көгөрүп чатыр көрүнөт.
Аюу талпак акбыштан,
Басмайылы басылуу,
Көрпөчөсү тартылуу,
Ороюн көргөн чочуган,
Онжоңдогон Буурулду
Жайдактабай токуган.
Ойлосо Бакай абасы,
Обу жок жаман чочуган.
Манастын уулу эр неме,
Коркок болуп жарасы
Коңурбайга аттырып,
Кордугун мындай карачы.
Ошол кезде Семетей
Ардай болгон Буурулду
Аттанып жакшы мине албай,
Алек кылып төрөнү
Азаптуу көкжал жүрө албай,
Жөтөл күчөп, кан качып,
Жөткүрүк күчөп, ал качып,
Барса-барса жөтөлүп,
Барбайтып башты көтөрүп,
Бастыра түшүп, а десе,
Балактап кара кан кетип,
Эр Бакайдан ал кетип.
Чочуган Бакай абасы,
Баламды кайрып, мени ал – деп,
Чочуп кетип төрөдөн,
Айласын таппай бакырып,
Асылдан калган белеги,
Семетейлеп чакырып.
Асмандан байкап караса,
Алланын күнү бүркөлүп,
Бакай эрдин башына
Алтымыш мүшкүл бир келип.
Карыган Бакай абаң

www.bizdin.kg



Жулса сакал суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Омуроо ылдый куюлуп.
Мурутту булкуп ыргытып,
Бейлимсинген чунак – деп,
Бээжинден жылкы көп алып,
Бенде көргүс болот бейм,
Семетейден айрылып!»
Деп, өшөнтүп, эр Бакай
Атадан калган бабасы,
Карган Бакай абасы
Күйүттөн көзү жайнаптыр,
Жылас болгон Семетей
Айла болор бекен – деп,
Агын сууга байлаптыр.
Өйдө-төмөн жүгүрүп,
Өлсөмбү – деп ой ойлоп,
Өлсөмбү – деп зор Бакай,
Семетейден түңүлүп.
Семетей жайын сурасаң,
Кээде тилге келе алса,
Кээде тилге келе албай,
Кейип ооруп кайран шер,
Очогор тийип бооруна,
От чагылып көзүнө.
Жылма болгон Калчанын
Жылкысын тийип кайрылып,
Карганда Бакай абасы
Семетейге кайгырып.
Санаасы кетип сай-сайлап,
Көңүл чиркин бөлүнүп,
Кабыргасы сөгүлүп,
Карыганда Бакайдын
Өлүүчү түрү көрүнүп.
Оболкуну көп жоктоп,
Оодарылып турду эле.
Байыркысын көп ойлоп,
Акылын айран бурду эле.
Көкжал Манас барында
Көмүлүп калбай не болдум?
Кыяматтын кыстоосун
Ошондо көрбөй не болдум?
Кабылан достум барында
Ошондо өлбөй не болдум?
Башымдагы суусар бөрк
Кимдер ыргап кийбеген,
Дөөлөт башта барында
Ким күркүрөп жүрбөгөн.
Бөлөк эмес, Бакайдан
Бээжиндин каны дүрбөгөн.
Айтылуу Бакай шер элем,
Акылым журтка таанымал
Керектүү Бакай мен элем.
Айза жеп айкөл өлгөндө,
Айкөлдөн калган сан дүйнө
Эселек иттер бөлгөндө,
Өлөйүн дедим арыман,
Өлбөй тирүү жүргөнүм –
Семетейдин барынан.
Кетейин дедим арыман,
Достумдан калган мурапым,
Өлбөй тирүү калганым -
Семетей чунак барынан.
Төбөмдө Чолпон жылдызым,
Жакамда кымбат кундузум.
Айдап жүрсөм ак жолум,
Арка кылган Семетей,
Астыма салса сан колум
Карган Бакай абасы,
Караан кылган мунары.
Карганда Бакай көкжалдын
Таалайдагы чырагы.
Кандай заман, кандай күн,
Карганда Бакай бул башка
Болор экен кандай күн.
Көк чолок кантип баспаган,
Жерде бүтүн бар бекен,
Куу ылаачын теппеген,

www.bizdin.kg



Кууда бүтүн бар бекен?
Курган Бакайдан айза жебеген
Эрде бүтүн бар бекен
Кара капчал сом ташты,
Баштап Бакай эр ашып,
Кулак угуп, көз көргөн,
Жер каратып алганда,
Жер үстүнөн тополоң,
Жеткен жерге салганда,
Ой дүнүйө тарында,
Курдашым Манас барында,
Мында өлбөй не болдум?!
Ооганды бузуп дилде алып,
Кызыл куйрук билди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Кара көздөн минди алып,
Чоң олжого канганда,
Камап барган шаарга
Калайманды салганда,
Кырк чоро курбу баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Кытайга кыргын салганда
Эсенкан кызын баш кылып,
Олжого тартып алганда
Мында өлбөй не болдум?!» –
Деп, ошонтип, зор Бакай
Кан кайгырып күйүнүп,
Семетейден түңүлүп,
Семетейдин алдына
Мени алгын – деп жүгүрүп.
Атасынын сырдашы,
Арыслан Бакай курдашы,
Баатыр Манас шер менен,
Атактуу канкор эр менен,
Желпинеште туулуп,
Жетик Бакай карыя
Алты айчылык келерди,
Алты айчылык кетерди,
Даана билген олуя.
Бакайдын жайын сураба,
Адамзаттын кургуру,
Олуят жандын чын уулу.
Канча жерден кат алган,
Канзаададан бата алган.
Каратпаган шаары жок,
Кайран Бакай абакең,
Зайыпуруш атанган.
Айзакерден Бакайдын,
Артыктыгы башкача.
Чын дубакор батакөй,
Жердин түбү Желпиниш,
Желпиништен угулуп,
Жеткилең Бакай түшүндө
Канкор шер Манас кезигип.
Бадана жака кылторко,
Акырда таап кием деп,
Жакыптын уулу Манаска
Акыреттик дос болуп,
Бакай кан болуп жүрөм – деп.
Эрдигине чыдабай,
Жети болот тиздеген,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырып,
Төрө Бакай абакең
Төрө Манасты издеген.
Бакай баспас жер калбай
Бакай кан көрбөс эл калбай,
Кабарды катуу салыптыр,
Куса болуп Манаска
Жети жыл карап алыптыр.
Анжыяндын ар жагы
Түнөргөн талаа чөлүнөн
Ээн талаанын өзүнөн,
Он экиде чагында,
Койгулашып Чоң-Бээжин,
Жортуп калган табында,
Баатыр Бакай кез болот,
Ак болот мизин жалашып,

www.bizdin.kg



Ак буудай унун чайнашып,
Оводон булут козголуп,
Манас менен Бакай кан
О дүйнөлүк дос болуп.
Жоо-жоолоп бирге канышка,
Ажырашып кетпеске,
Бир жерде өлүп калышка.
Убаданы бек кылып,
Өлүп кетер шерт кылып.
Эрдигинен оолуккан,
Ажыбай, Бакай эгиз кан.
Айкөл Манас канга жолуккан.
Билбегенди билгизип,
Айзалап жоого тийгизип,
Арысландыгын Манастын
Абыдан журтка билгизип.
Салмактуу Манас султанды
Сайып жүрүп бек кылып,
Салып жүрүп там кылып,
Аалам журтка кан кылып,
Жоо көрсө айза сундуруп,
Дүбүртү кулак тундуруп.
Кармашканга жан калбай,
Канга тоюп каттыккан,
Кулак угуп, көз көргөн
Жер жүзүнө эр Бакай,
Канкор болуп атыккан.
Манас менен өлбөй – деп,
Артындагы балага
Медер кылып жүргүчө,
Кыямат жайын көрбөй – деп,
Арман кылып зор Бакай
Көкчолок оозун бурду эле.
Алапайын таба албай,
Абасы Бакай кайран эр,
Капа болуп турду эле.
Канкордон калган белегин,
Белегинен айрылып,
Бек кейип Бакай тургуча,
Аттын оозун жыйганы,
Аманат жанды кыйганы
Асыл Бакай турду эле,
Акылды мындай кылды эле:
Көргөн менен билгенге,
Уккан менен туйганга,
Жаш балдарын азгырып,
Бээжинге барып кайрылып,
Кузгундай көзүн кызартып,
Куу сакалын чубалтып,
Балдарынан айрылып.
Бакайың аман калды – деп,
Эл өзөгүн уккуча,
Эми Бакай өлөйүн!»
Деп, өшөнтүп, зор Бакай,
Кызыкпастан куу малга,
Тутам болбос куу жанга,
Туура тартып турганча,
Турбай кармап бычакты,
Өпкөдөн ары ургуча,
Ардыккандан карыя
Өзүн өзү жарганы,
Өз жанын өзү кыйганы
Өлчөп Бакай турду эле.
Баткалдуу тоонун урчуктан,
Салынып кирген тумшуктан
Бакайды көргөн Айчүрөк
Ширгелүү-Тоо оюнан,
Кадимки Иле боюнан,
Алты бирге кол берген
Абам Бакай экен – деп,
Арышы жанды жарыткан
Бабабыз Бакай экен – деп,
Ак куу болгон Айчүрөк
Алдына коно калды эле.
Караан таппай кайгырып,
Капалуу мүшкүл Бакайга
Көңүлү чиркин бөлүнүп,
Көкжалдын зайбы Айчүрөк,

www.bizdin.kg



Эр Бакайга көрүнүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Абасы Бакай арсланга
Айчүрөк барды жүгүрүп.
«Сапарга жүрсө сан колдой,
Астыга салса ак жолтой,
Абаке, Бакай карыя,
Астыңдан туура чыгалы,
Кабарын айтчы канкордун,
Катын да болсок угалы?!
Элдир-селдир кеп угуп,
Эсилим жаман – деп угуп,
Өңгүр-сөңгүр кеп угуп,
Жылкы тийген төрөмдү,
Өңгөчө жаман – деп угуп.
Учканым жума түн билип,
Жүрүшүм күүгүм күн билип.
Канатым чарчап, жер карап,
Кападар болуп жан сабап.
Кан акем сизге келдик – деп,
Алдага ишим ак беле,
Аман-эсен көрдүк – деп.
Даанышман Бакай карыя,
Болжолдуу кептен салыңыз,
Боз ала туйгун болпоңдун,
Боз карчыга Чолпондун,
Кабары оор төрөнүн,
Кайгуулга чыккан немении
Кабарын айта салыңыз!
Алдага көзү зар бекен,
Карап койсом кардым ток,
Карааным көкжал бар бекен!»
Деп, өшөнтүп, Айчүрөк,
Ал аңгыча болгон жок,
Мына ошондо эр Бакай
Көп сүйлөбөй, тил айтпай,
Ээрчиткени Канчоро,
Шар аккан сууга барыптыр,
Өзөндү бир топ жайлаптыр,
Жараты күчөп кетет – деп,
Дарыяга байлаптыр.
Үлкөн сууда баатырды
Канчоро менен эр Бакай
Ак килемге салды эми,
Бурч-бурчунан көтөрүп,
Алтын түркүк чатырга
Алып жетип келди эле,
Чатырга келген кезинде,
Жаралуу коркок төрөнү,
Жалдырап жаткан эмени
Айчүрөк бейбак көрдү эле.
Чын көкжалын көргөндө,
Чыдай албай шуркуя
Тегеренип чыркырап,
Теңселип ыйлап буркурап,
Бөдөнөдөй кайран көз,
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип,
Мурундун суусун тарта албай,
Көп ооруган экен – деп,
Көзүнүн жашын арта албай.
Кереметтүү Айчүрөк
Чыркырап үндү салды эми,
Мына ошондо бейтаалай
Жараты кандай болду – деп,
Ок болжолун алды эле.
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Ар ичинде бөтөндөп,
Бир бөлөк нерсе көрүнөт.
Казылган белең калың ор,
Кагылайын, абаке,
Кайнаган белем биздин шор?
Коңурбай кулдун болот ок,
Өпкөнү жандап өткөн бейм?
Жүрөктү бөлүп кеткен бейм!
Бөлтөйгөн неме көрүнөт,
Жүрөгү болуп калды деп,

www.bizdin.kg



Баякы катын Чүрөктүн
Көзүнөн жашы төгүлөт.
Ылайыктап жасаган
Алтындан кылган зор искек
Жаратына салды эми.
Чубак тартып алды эле,
Канчоро, Бакай эки шер,
Кайгырбаган кыраан эр.
Жарага пайда болор– деп,
Ат башындай буланы
Жаратына тыгыптыр.
Бөлтөлөңдөп көрүнгөн,
Бөлөк дарт ошол була экен,
Буланы чубап алды эле,
Козголо басып Айчүрөк
Акундун кызы бейтаалай
Колун сууга малды эле,
Кол дааратын алды эле,
Боюн сууга малды эле,
Бой дааратын алды эле.
Беринин кызы Чүрөгүн,
Мелтиреген дүмөгүн.
Күйүттүү сүйлөп шыңкылдап,
Агарып бети жылтылдап.
Медийнанын белинде
Бери ойногон жеринде.
Кайыбынан кабылган,
Кан Акунга табылган.
Беринин кызы Чүрөктү,
Мелтиреген дүмөктү,
Кереметтүү кескини,
Кесирлүү Чүрөк капырды,
Келберсиген катынды.
Этегин бенде ачпаган,
Семетейден бөлөк жан
Төшүн бирөө баспаган.
Берендиги белгилүү
Мелтиреген Чүрөктүн
Артык шайтан булайт иш,
Азилде Чүрөк кылбаган,
Адамга көңүл салбаган.
Алтымыш келин, сексен кыз
Жабыла кирип азгырса
Бузуку тилди аспаган,
Бузулган жолго баспаган.
Керилген Чүрөк капырың,
Келбети алга жакының,
Тазалыгы болжолсуз,
Кылтылдаган капырың.
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын баашасы.
Ошо Чүрөк токтобой,
Чымырканып, чыркырап,
Чын Кудайлап буркурап.
Манастын уулу төрөнүн
Огун аттай салды эле.
Ага токтолгон болот ок
Аттаганда шарт коюп,
Жарадан түшүп калды эле.
Кайран энең Каныкей
Каалап берген дары бар.
Катыгүн катын Айчүрөк
Огун аттап түшүрүп,
Кереметтүү бейтаалай
Керээтин артык билгизип,
Кайнатма кара дары бар,
Сырт жаратка тийгизип,
Кырма кызыл дарыны
Кырктай чымчып септи эле,
Эбеп-себеп дарыны
Эзип берип калды эле.
Оонап жаткан Семетей,
Ооруган жери басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Эсин жыйнай берди эле,
Чыркыраган курган жан
Ордуна жакшы келди эле.
Дарылап Чүрөк тургуча,

www.bizdin.kg



Айтып оозун жыйгыча,
Алмамбет уулу Күлчоро
Арысланы келген чагы экен
Ыраңы жашыл көк куржун
Атандык эмес, лөк куржун
Бул куржунда бедел жок,
Дүнүйөсү түптүгөл,
Бу куржундун ичинде
Эмине бар, нелер жок.
Кайран энем Каныкей,
Каалап берген күлазык
Жанаякка омкоруп,
Чайкап келип жуткузса
Жаралуу жери басылып,
Сырттандын көзү ачылып.
«Себептен» айтып алды эле,
Мына ошондо Семетей
Ордуна келип калды эле.
Жайнаган суунун боюна,
Жатып уйку кандырып,
Берен энең Каныкей,
Мээнет энең Кадыр түн
Белекке берген мээр чөп,
Бери карай чыгарда
Сыйлап берген эмеспи,
Чаалыгып тулпар чарчаса
Берен энең Каныкей,
Бек айтып берген мээр чөп,
Ардай болгон Буурулга
Алып келип чалдырса,
Ат семирип ык болуп,
Эр семирип Семетей,
Эсеби жок бук болуп.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай.
Тирилип кайра бак толуп,
Идерлүү тулпар, күлүк ат
Айзакер көкжал эр жигит,
Байдасы тиер чак болуп.
Каалап турса бул башка,
Кадыр түн белги түн болуп,
Кайгы дарт, оору жоголуп,
Кайрадан иши оңолуп,
Баштагыдай күн болуп,
Жамбаштап жанды талдырып,
Жатып уйку кандырып,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе ал жайда
Элкин ойноп жатышып.
Манастын уулу көкжалдын
Кайраты ташып кубанып,
Кадимкидей күн болуп,
Ат семирип ык болуп,
Эрлер сергип бук болуп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Бала султан төрөнү
Өчкөн отун тамызып,
Өлчү жанын тиргизип,
Айыктырып алганы.
Алмамбет уулу Күлчоро
Мээнет катын Каныкей,
Белекке берген аманат,
Аманаттын баарысын
Абасы Бакай көкжалга
Табыш кылып берди эле.
Ок өтпөс зоот кийишип,
Ойлогон капа жоголуп,
Ооруганы Семетей
Кадимкидей соо болуп.
Караандары беркиге,
Каргылуу кара тоо болуп.
Бадана кийип балкылдап,
Көңүлү көп жай төрөңүз
Беркилерге кеп баштап:
«Абам Бакай карганым,
Күлчоро менен Канчоро
Күлүстөн эки ардагым,
Белди бекем бууганы,

www.bizdin.kg



Белсене чыктык Таластан,
А дүйнө кеткен шерлердин
Даңкы ашык эрлердин
Быйыл кунун кууганы.
Кечилдин каны Калчага
Токшукерден Бороончу,
Кагыш кылып канчага.
Кармаш кылып Бээжинге,
Түнөрүңкү зор Бээжин
Түз кирип айза сунууга,
Түгөнүп алты ай салышып,
Аманат жанды кыюуга
Каалап чыктык Таластан,
Калдык жетим Манастан,
Жетиминен жетилдик,
Жергеге минтип кошулдук.
Эрешен тартып эр болдук,
Эстегиле көкжалдар,
Эр уулу менен тең болдук.
Канзааданын баласы,
Калайман салбай Бээжинге
Кайгуулдан кетер жан барбы.
Бекзааданын жалгызы,
Бейтаалай салбай Бээжинге
Беттешпей кетчү жөн барбы.
Берен Бакай абаке,
Калдайдын уулу капырга
Кармашты кыла көрөлү,
Кан Коңурбай баатырга.
Буйгаттан жолун чалалы,
Бузукту мыктап салалы.
Жети айга тынбай урушуп,
Жер өлчөлөп турушуп.
А дүйнө кеткен Манастын
Жетип өчүн алалы.
Казат кылып кагышып,
Качпастан алты ай салышып,
Дагдыр жетсе өлөлүк,
Күчтүүсүнгөн кул менен
Күрпөңдөшүп көрөлүк.
Чарчабастан чарпышып,
Чаң аралаш кан жутуп,
Чаркыбыз кетсе окко учуп.
Кармашты катуу салалык,
Жылкысын тийип Кытайдын
Таласта аргын, кыргызга,
Кыйратып салган немедей
Уялбай кантип баралык,
Уй түгүндөй кытайдан
Урушуп кекти алалык.
Түнөрүп жаткан Чоң-Бээжин
Түз кирип айза суналык,
Түбү түктүү Кытайга
Түк калбай өлүп калалык.
Кайнап жаткан каканга
Качырып айза салалык.
Кадимкидей жол берсе,
Кара кытай, манжууну
Талкандай көөлөп чалалык.
Каршылашып турушуп,
Качпай туруп урушуп,
Каарды катуу салалык,
А дүйнө кеткен атамдын
Ушунтип өчүн алалык!
Бабабыз Бакай карыя,
Караан кылган олуя,
Сакалың куудай агында,
Сапар кетер чагыңда
Мингениң тулпар Көкчолок
Тартып оозун буруп бер,
Баатыр Бакай абакем,
Туу түбүнө туруп бер!
Чырлашар жооң Чыма-Чын,
Чындашчу жоом Какан-Чын
Кайраты күчтүү Калчаны,
Каары толук канчаны.
Бел байлаган эренди,
Бээжиндин каны беренди,

www.bizdin.kg



Атагы журтка билинген,
Эр Коңурбай төрөнү,
Каарды катуу салалы,
Бет алышып кирели,
Ажал жетип, күн бүтсө,
Бээжинге чогуу өлөлү.
Таш сайынган кытайдын
Тазасы окшойт Коңурбай,
Күрмө кийген манжуунун,
Күчтүүсү окшойт доңуз ай.
Бээжинди кимдер жердеген,
Бет алып менде жеңбеген.
Жери Бээжин манжуунун,
Беттешип менде көрбөгөн.
Бет алышып калалы,
Кармашарың Коңурбай
Качпай алты ай салышпай,
Кайгуулду мыктап чалышпай,
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Кызыкка минтип канышпай.
Таласты кантип көрөлү,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Кайрат кылып салышпай,
Кантип Талас көрөлү
Деп, өшөнтүп Семетей,
Өкүрүк салып, көз жайнап,
Эки көздөн от кайнап.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Качырата бек чайнап,
Атасы Манас айкөлдөн
Артык тууган көкжалдын
Абайлап көргүн эрдигин,
Укумунан тукуму,
Түгөнгүрдүн шердигин.
Өөдө-ылдыйды карабай,
Өлүмдөн жанды аябай,
Тегерегин карабай
Теңизден жанын аябай.
Манастын уулу эр Семең,
Аты журтка билинген.
Ааламга көкжал эр немең
Майлаган буудай жүздөнүп
Күүгүм туман көздөнүп,
Кайраты мыкты, заары күч
Берендин сыны ушундай.
Мээнеттүү жандан күдөр үз,
Телегейи тептегиз,
Тең экени дагы чын.
Айласы толук абыдан
Шер экени дагы чын.
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Каары кумдун чөлүндөй.
Оңкондогон мурунү,
Оролгон тоонун сеңирдей.
Каарына жан келип,
Жакындап менде көргүсүз,
Толкуп кетсе кокустан
Тоо туруштук бергисиз.
Берендиги белгилүү
Бээжинге булук салгыдай,
Беттеше кеткен жоо болсо
Чогуу сайып алгыдай.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Кайратын билип сынап бак.
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча.
Теңиз ошол, шер да ошол,
Тендешип мүшкүл жоо чыкса,
Аянбай алты ай салышып,
Кайрат кылар эр ошол.
Кагышка кирсе камсыккыс,
Кара көкжал шер ошол.
Качпай уруш кылууга,
Семетейдин кеби ошол.
Дагдыр жетсе көрүүгө,
Ажал жетсе өлүүгө,

www.bizdin.kg



Берендин толгон кези ошол.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серпишкен жагы кызыл өрт.
Бет алып менде келбеген,
Беттешип душман жеңбеген
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн ээрчип күчөгөн,
Дүмбөкү шердин өзү ошол
Өлгөн сайын өөрчүгөн.
Өзөндү бузуп майлаган,
Өчөшүнө тийгенде
Өз атасын жайлаган,
Өрттөнгүрдүн өзү ошол.
Канчоро менен Күлчоро
Эрмек кылган паанайым,
Экөө менин таалайым.
Өөдөгө чыкса өбөгүм,
Ылдыйга тартса жөлөгүм.
Тай кулундай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен.
Эки бирдей тегизим
Маңдайга чыкса барааным,
Эки түгөй карааным.
Алты айга тынбай урушуп,
Алдырып ийсем калмакка
Белимден кармап бүктөөрүм
Берeним абам өлдү – деп,
Таласка сөөгүм жүктөөрүм
Маңдайымда барааным,
Эки түгөй карааным,
Кыргын кылып урушуп,
Кытайга кыргын салаарым.
Кыямат кеткен шерлердин,
Зайыпуруш эрлердин
Минтип өчүн алаарым,
Бейпайды бекем салаарым.
Бээжиндеги зор канга
Бет алышып калаарым.
Күлчоро менен Канчором,
Маңдайга жазган паанайым,
Экөө менин таалайым.
Жылгындуу Кең-Кол оюнда,
Кең Таластын боюнда
Коштоп кийип суусар бөрк
Ыргап турган кезинде,
Кошо билип аргынды
Жыргап турган кезинде,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында
Төрө кан Манастын сайган багында.
Эрте турсаң сен балдар,
Жаяны кесип жечүү элең,
Жанымда болсо эгиздер,
Жаң-Жуңду бузам дечүү элем.
Курсагым ачып баратса,
Казыны кесип жеп жүрөм,
Карандуу балдар барында
Калмакты бузам деп жүрөм.
Экөөнүн көзү түз болсо,
Жол чыкпаган өзөнгө
Жол салармын – деп жүрөм.
Жолугуп сан кол каптаса
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Экөөнүн көзү түз болсо,
Ай-ааламдын баарына
Кол салармын – деп жүрөм.
Сен экөөң аман барында,
Көк темирден туулга
Чок тагармын – деп жүрөм,
Тегеренип кетейин,
Теңиз балдар барында
Темир коргон Бээжинге,
Топон суу жетпес элине
Кол саларын деп жүрөм.
Балдар көзү түз болсо,
Жан өтпөгөн капчалды,
Жол салармын – деп жүрөм.
Кытай уулу Калчага
Кол салармын – деп жүрөм.

www.bizdin.kg



Тулпар оозун буруп бер,
Турбай алты ай салышып,
Туура какан Бээжинге
Кыргынды кызык кылып бер!» –
Деп, ошентип, Семетей,
Каарланып күүлөнүп,
Канкордун уулу бу чунак,
Качпоочудай түрдөнүп.
Алышарым артык жоо,
Бээжинге салсак бузукту,
Менде каалап көрөрбү
Бул өңдөнгөн кызыкты.
Чалчу жериң бул Бээжин,
Чайкалаң тоосун биз көрбөй,
Кайрылып кантип тартабыз,
Коңурбай менен урушпай,
Курулай кантип кайтабыз.
Шибе, манжуу, солоонун,
Туроготун, жайсаңын,
Күрмө кийген күчтүүсүн,
Таш сайынган тазасын,
Кол калашып урушпай
Кыргын болуп турушпай,
Кылчая кантип этебиз,
Кызыккандан берендер
Кызыталак Бээжинге,
Кырылыша кетебиз!» –
Деп, өшөнтүп, Семетей,
Сокмоктуу сөздөн баштады,
Каарланып түнөрүп,
Күлчоро менен Канчоро
Соруп ие таштады.
Деп, өшөнтүп, Семетей,
Кабагы бийик сөгүлүп,
Каттап менде баралбай,
Кан иччү түрү көрүнүп.
Бекем сүйлөп белсенип,
Күпүлдөгөн көкжалга
Жер бузулуп теңселип,
Деп, өшөнтүп, турду эле,
«Ой балдар,– деп, эр Бакай
Ошондо кепти кылды эле:
Балам, төрөм, кебимди ук,
Кайнап курттай көрүнгөн,
Кыра берсе түгөнгүс
Каканчынын калкы бар,
Кармашкан жанды соо койбой,
Канын иччү салты бар.
Кызыталак кытайга
Жерге чыккан чөптү көр,
Жеткен жан Бээжин алалбайт,
Ала албаган себеби
Чөпчө кытай көптү көр!
Топон жетпес Бээжинге
Тоорулуп менде жете албайт.
Беттеше кеткен менденин,
Кармашса аман кете албайт.
Каттап адам келбеген,
Кызыталак кытайдын
Кармашы маза бербеген,
Казат кылган эрлердин
Кайрылып жерин көрбөгөн.
Барса-келбес Бээжин жол,
Баарыдан шумдук биздин жол.
Кайнаган кытай калкы бар,
Кармашса жанды куткарбайт,
Канын ичмей салты бар,
Нур төгүлгөн бул Бээжин,
Кармашып адам жетпеген,
Кагышкан тирүү кетпеген.
Кабарында бар бекен,
Кыдыр чалган жол болуп,
Кымбат атаң барында
Кырк эки түмөн кол болуп,
Кылымдын баары козголуп,
Катагандан Кошой бар,
Элеман уулу Төштүк бар,
Сары-Арканы жердеген,

www.bizdin.kg



Салышып адам жеңбеген,
Өнөгүн жанга бербеген.
Таруусун таштай таптаган,
Катынын кыздай мактаган.
Иткелдүү сорпо, майлуу эт,
Такасы бийик өкчөсү,
Казактардан сурасаң,
Айдаркан кандын Көкчөсү.
Өзөндүн чаңы буркурап,
Өзүң көргөн көп казак
Өлөңүн айтып чуркурап.
Туу түбүнө турушуп,
А да келип кол болуп,
Бул Бээжин менен урушуп.
«Чоң казат» деп элге атак
Кыраан Манас барында
Кытайга салган чоң чатак.
Кагышта болбой эч арман,
Кабылан шерлер барында
Каканга салган чоң жаңжал.
Эсепсиз канкор экен – деп,
Эрдиги журтка билинген.
Атаң кан Манастын кылган балаасы,
Баштаган Бээжин калаанын
Даңзасына чийилген.
Түмөн кол коркуп сандалган,
Кыямат кеткен көкжалдын
Кыялын көрүп кытай журт,
Айласын таппай сандалган.
Бээжинди камап көч алган,
Каканчындын Бээжинден
Кармашып Манас өч алган.
Ордолуу шайык, көк жөкөр,
Орчуну Кокон, Маргалаң
Ошондон жыйып кол алган.
Алыш кылса Бээжинге,
Албан түрдүү кол келген,
Азыраак эмес мол келген.
Түрлүү-түрлүү жан келген.
Ал колу аздык кылгансып,
Индистандан да келген.
Жер тумандап козголгон,
Жетеги мынча кол болгон.
Айкай кулак тундурган,
Атагы туура жер жарган,
Чапчышканда шер атаң,
Чамасы мынча колду алган.
Бузулган Чамбыл ар жагы,
Букара-Шарып бер жагы,
Аталаны жердеген,
Алышып менде жеңбеген.
Ак сакалы бир кучак,
Айдаркан уулу Музбурчак,
Эренден тандап аны алган,
Эзелки кеткен Манастан
Эр экен – деп кызыталак,
Кытайдын каны тандалган.
Эйбит таздын эр Үрбү,
А да кыргыз уруусу.
Эштектерден Жамгырчы,
Текечи кан, Шыгай кан,
Адамдан тандап аны алган.
Абасы Бакай кары бар,
Ал жаңжалдын ичинде
Алп-дөөлөрдүн баары бар.
Бала каздай баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Алагай көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай.
Чеч-Дөбөнү жердеген,
Ченебеген эр деген.
Канча уруу жан болуп,
Бусурман туусун кармаган
Кайран Кошой ал болуп.
Сулайман тийбес Бээжиндин
Сурагын тартып алганда,
Сулуу кыздын баарына

www.bizdin.kg



Суук укуруk салганда,
Белимсиген Бээжинге
Берениң алты ай кан болгон.
Чалыяр тийбес Бээжинге
Чалдырып кайра тартканда
Искендер тийбес Бээжинге
Илдирип кайра тартканда.
Кызыталак Бээжинге
Кызыгып менде келбеген,
Кыңкайтып адам жеңбеген.
Бээжинге колду салганда
Бет алышып туруштук,
Кандуу канга бөлөнүп,
Качпай келип урушту к.
Кабардан нечен кан өлүп,
Каттаган жандын баары өлүп,
Музбурчак, Көкчө кан өлүп,
Кезиккен жандын баары өлүп.
Алдырып алптар кайгырган,
Арыландардан айрылган.
Кагыштан канча жан өлгөн,
Кадырлуу жандын баары өлгөн.
Кызыталак кытайга,
Чарпышып чама жетпеген,
Чалышкан аман кетпеген.
Кастарын тиккен каканга
Касташып адам жетпеген,
Кагыш курган пенденин
Бирөө да аман келбеген.
Бет алсак Бээжин бекем журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Чаалыгып тулпар жеткисиз,
Кырк күнчүлүк чөл мында,
Кыямат кайым болгуча
Кыра берсең түгөнгүс,
Кыйшайбас кытай эл мында.
Кайнап жаткан кытайдын
Кагышын каалап көргөмүн.
Чарк жетпеген Бээжиндин
Чамасын абдан көргөмүн.
Жекеме-жеке турушуп,
Чоң маңдайда турушуп,
Көк тулпарым жоорутуп,
Көңүлүмдү оорутуп,
Алышкан Бакай мен мында.
Аңырайган капчыгай,
Арманым айтам бир далай,
Оболкуну санасам,
Оодарылтып карасам.
Он эки санаа бир келип,
Көңүлүм көп бөлүнөт,
Ошондо өлбөй не болдум,
Көзүмдүн жашы төгүлөт.
Картайганда абаңды,
Капка-Ташка токтоттуң,
Качанкы ишти жоктоттуң.
Оболкум эске түшкөндө,
Кайнап кетет биздин шор,
Казылуу жаткан калың ор.
Ара жерде чапчышып,
Антип туруп нетели,
Андан көрө кулунум,
Таласка кайра кетели.
Кордоп талап алуучу,
Кокуй-Бээжин дүмөк шаар,
Кокондун бул шаары эмес,
Барып ала коюучу,
Маргаландын эли эмес.
Көптүгү чөптөй калкы бар,
Ушу турган Бээжиндин,
Көп адам кеткен каркыбар,
Көздөшүп уруш болгондо
Көбүрөөк сойгон салты бар.
Чарпышып чамаң жетпеген,
Чалкалап жаткан Бээжиндин
Шаарына адам өтпөгөн.
Шайтаны артык, заары күч,
Бул капырдан күдөр үз.

www.bizdin.kg



Чалкайып башы бөлүнүп,
Бөксөсүнөн карасаң,
Бөлүнүп туман көрүнүп.
Барса-келбес балан жол,
Адам ашкан бел эмес,
Кечилдин каны Коңурбай,
Кеңешпей барчу эр эмес.
Айтканым ушул билип ал,
Таласка аман кетели,
Көптүгү түмөн кытайга
Көп теңелип нетели
Биз Таласка барганда
Жер аруулап, жолду алып,
Жетимиш түркүн колду алып,
Жер-жерге кайгуул салалы,
Жеткилең колду алалы!
Алыстан тандап жол алып,
Азар түмөн кол алып,
Кармаш кылсак Каканчы
Касташчу болсок каканчын,
Улуңту-Кеңтуң улук шаар,
Урушчу болсоң бир далай,
Сурунай кулак тундуруп,
Айкай салып чуу туруп,
Атышты арбын салалы,
Калдайдын уулу капырдан,
Кан Коңурбай баатырдан,
Анан өчтү алалы.
Айтканым ушул билип ал,
Арыслан балдар, тилимди ал!» –
Бакайга мындай дегенде,
Акырын айтып, бек таштап,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Коё берди кеп баштап:
«Абам Бакай, не дейсиң,
Чалдырдың Бээжин калааны
Кытайдын журтун бек мактап,
Бузмак болдуң санааны.
Көөдөнгө салдың кызыкты,
Абам Бакай, не дейсиң,
Көңүлгө салдың бузукту.
Кара курттай көп кытай,
Кагышпай кантип өтөбүз?
Кыжылдашкан журт менен
Кыйрашпай кантип кетебиз?
Айза кармап, топ бузам,
Ажал жетсе окко учам.
Күчөсө манжуу Калчага,
Күркүрөп айза сунамын,
Кегимди алып кейишпей
Ушу турган Калчанын,
Кагыш кирип, кан ичпей
Канткенде минтпей тынамын
Жараткан чийсе жазаны,
Көрбөй кантип кетейин,
Жапа тартып, окко учуп,
Өлбөй кантип кетейин.
Абам Бакай, не дейсиң,
Бу сөзүңдү ким уксун,
Ашуусу бийик тоо уксун,
Агыны катуу суу уксун,
Катталуу кара жер уксун,
Ушундан бөлөк ким уксунI
Жараткан жазуу кылганын,
Жалпы менде көрбөйбү,
Ажал жетип, күн бүтсө,
Тынч жаткан адам өлбөйбү!
Киргизбей койбойт казган көр,
Батырбай койбойт кара жер.
Атактуу балбан Коңурбай
Көрүшпөй кантип кетейин,
Атамды сойгон Бээжинге
Аркалай басып кире албай,
Өлүшпөй кантип кетейин!
Дагдырга болбос даба – деп,
Далай кылым кеп айттым,
Абам Бакай, сага деп.
Түгөнбөс арбын кебим бар,

www.bizdin.kg



Кызталак Бээжинде
Түп атамдын кеги бар.
Тирүү жүрүп Бээжинге
Кай муразга жетемин,
Кагышып калба, чыр кылып,
Каргыш тийген Бээжинге
Кармашып туруп кетемин
Өткүрө болсо Коңурбай,
Өлбөгөн жерден калышып,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Мыктап алты ай салышып,
Кыйын болсо Коңурбай,
Жаралуу болуп жөлөнүп,
Жалаң канга бөлөнүп,
Бура тартпай турушуп,
Бузукташып урушуп,
Атышты арбын саламын,
А дүйнө жаткан атамдын
Минтип өчүн аламын
Жылкысын тийип келдик – деп,
Таласка кантип жетемин,
Кагышарым Коңурбай
Кармалашып чырдашпай,
Кантип тирүү кетемин!» –
Деп, өшөнтүп, Күлчоро,
Шер экени билинип,
Бакайдын айткан кебине,
Безге сайган эмедей
Ыргып түшүп түйүлүп,
Карчыгадай камынып,
Алмамбет уулу Чорого
Кайыптан акыл табылып.
Сумсайып жүзү бөлүнүп,
Ажыдаар түрү көрүнүп,
Күйгөн шамдай көз жайнап,
Качырата тиш чайнап.
Балбандыгы башкача,
Каран калган баланын
Баатырдыгы бир канча.
Серпишке кирсе сезгенбес,
Кармашка кирсе камсыкбас
Жеткилеңден чоң белди,
Курчанчудай түрү бар.
Жер жайнаган кол келсе,
Кармашарга зор келсе,
Жети милек жоо келсе,
Жеке милек салышып,
Кол салуучу түрү бар.
Атасы көкжал Алмамбет,
Ал кытайдын улугу,
Ашкере тукум болот – деп,
Таштап кеткен артына
Алмамбеттин тукуму.
Ааламга жетет чамасы,
Баланын жайын сураба,
Алмамбеттин баласы.
Алмамбет уулу Күлчоро
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Атасы Алмаң көкжалдан
Арта туулган кайран эр.
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Ар боруму келбети,
Жайнаган кызыл чок экен,
Жан жаралып эр болгон
Чородой бала жок экен.
Ай-ааламды буй кылган,
Аябаган шок экен.
Чоронун жайын сураба,
Билеги жоон, таш жүрөк
Бил мүчөлүү таш жүрөк
Каарланып сумсайса,
Кашайып жүзү бөлүнгөн.
Кайратына жан жетпей,
Кан иччү түрү көрүнгөн
Бала жолборс башкача,
Баатырдыгы бир канча.

www.bizdin.kg



Ааламга жетет чамасы,
Ата түбү ушундай.
Таш сайынган кытайдын
Тазасынын баласы.
Күрмө кийген Алмамбет
Күчтүүсүнүн өз уулу.
Жоо дегенде сүйүнүп,
Жолуң болгон чиркиндер
Ок өтпөс тонду кийинип
Жай-жарагын шайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Бетине каары айланып.
Бетинен нуру төгүлүп,
Көкжалдык түрү көрүнүп.
Берен энең Каныкей
Белекке берген ок өтпөс
Ок өтпөс тонун кийинип,
Коңурбай жайын укканда
Кыз кайнын көргөн немедей
Кызарып күлүп сүйүнүп.
Күлчоро жайы ушундай
Айзага балбан ыктуу кул,
Азар түмөн кол келсе
Айныбай тийчү мыкты уул.
Кабырганын себилди,
Кайра коюп береки
Айдалыга темирди.
Катар туруп төрт кыраан,
Баатырдыгын билдирип,
Токтой албай эрендер
Жоо кийимин кийинип.
Чың буроолу сыр найза
Кармап алып имерип.
Акундун кызы Чүрөктү,
Токтотпостон сулууну
Таласка кайра жиберип.
Тобокелдеп көз жайнап,
Токтой албай ич кайнап,
Манастын уулу эр көкжал,
Семетей жайы момундай,
Асмандан түшкөн боз кисе
Боз кисени курчанып,
Каарланып сумсайып,
Колдогону бир тогуз,
Колдоп жөлөп көкжалды
Жөлөгөнү бир тогуз.
Жөнү бөлөк көкжалдын,
Кабылан көкжал шер ошол,
Шай колдогон эр ошол.
Көрө калган душмандын
Көңүлү кетет бөлүнүп,
Абайласа канкордун
Ар белгиси бөлүнүп.
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Чолок куйрук көк арслан
Жандай салып камынып.
Берендин жайы ушундай,
Качырса кайра тартпаган,
Качырса куру кайтпаган.
Астын баштап чамынып,
Бир көрүнөт сур жолборс
Жааннамда ушундай,
Баатыр өңдүү эр болбос.
Аты Кызыр дубана,
Жел тизгинден жетелеп,
Алган экен экөөлөп,
Онжондогон Буурулду
Он эки чилтен жетелеп.
Колдогону бир тогуз,
Коржондогон көкжалга
Кошун тиккен чагы экен,
Жөлөгөнү туш-туштан
Жөлөп турган табы экен.
Козголгондо адамдын
Жүрөгү чыгып бөлүнүп,
Астына байкап карасаң,

www.bizdin.kg



Ажыдаардын түрү бар,
Артын салса баатырда
Алты миң эрдин сүрү бар.
Беттеп менде келеби,
Беттешип душман жеңеби?
Канкордун уулу Семетей
Кабарында бар бекен
Ортолоп Кең-Кол жайлаган,
Он төрт атын байлаган,
Атыша чыга жоо келсе,
Астыга салып айдаган.
Ачуусуна кез келсе,
Азууга салып чайнаган,
Алышып менде барбаган.
Семетей жайы момундай.
Берендин жайы ушундай.
Ээр белдей белести
Эми чыгып адуулап,
Ардай болгон Буурулду
Абайы менен жабуулап.
Асынганы Аккелте,
Атышка салса курч ошол,
Мурдагы өткөн Манастан
Мурага калган мүлк ошол.
Асынып чыкса жаныбар,
Айдалынын айнеги
Атышкан жоого киргенде
Аманат жандын эрмеги.
Ичи кирдеп тутулбас,
Алтымыш атса бузулбас,
Сундурса куру жүрбөгөн,
Чайпалып огу тийбеген.
Ойноп жүрсө Очогор,
Чын атканда Койчагыр
Оозу курчтун кырымы,
Аркы жайын сурасаң
Башаалуу орус буюму.
Кайран Бакай абасы
Жердин үстүн чалганда,
Жер кайгуулдап барганда,
Анжыяндын ар жагы,
Амангендин туурасы,
Кокон шаардын колтугу.
Самаркандын ээк алды,
Айдай сары талаадан
Алтымыш орус жер ченчи
Ал талаадан кезигип,
Арабасын сүйрөтүп,
Баарысы катар жүрүшүп,
Сары тонун салынып,
Кулуну бар тору бээ
Тегиз жайдак минишип,
Жер издеп чыгып келиптир,
Жеткилең Бакай көрүптүр.
Бузук баштап, чаң салып,
Айза сунуп айкырып,
Эр Манастап бакырып,
Талкан кылып орустан
Тартып алган Аккелте.
Сайын кайра толгогон,
Төкөр уста Бөлөкбай
Дөөтү менен дос экен,
Машасын байкап машаган,
Дөөтү экөө биригип,
Аккелтени жасаган.
Аты «Аккелте» болсун – деп,
Кароол жундумагына
Чөйчөктөй алтын салдырган.
Бетке кармап сунганда,
Менденин мээрин кандырган.
Ирмесе куру жүрбөгөн,
Чайпалып огу тийбеген.
Атасы Манас көкжалдан
Алып калган Аккелте
Ай далыда жаркылдап,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көркөмдүү сүрлүү көрүнүп.
Онжоңдогон Буурул ат,

www.bizdin.kg



Опол-Тоодой көрүнүп,
Үстүндөгү төрөнүн,
Шай колдогон неменин
Баатырлыгы башкача,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кагышса жанды жегидей.
Асман менен көгүндүн
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Асманда Ай менен Күнүндүн
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөнсүп.
Көктө мунар булуттун
Салкынынан бүткөнсүп,
Аңырайган өзөндүн
Алкымынан бүткөнсүп.
Он эки дайра бириксе
Шар жеринен бүткөнсүп,
Адам баспас туу белдин
Чоң жеринен бүткөнсүп,
Бөлөкбай кылган сыр найза
Такымында көрүнүп,
Манастан калган Зулпукор
Кынында кызык бөлүнүп.
Козголбогон зор төрө,
Аныk шердин баласы.
Көк темирден туулга
Көмкөрө башка кийилүү,
Көкжалдыгы билинүү.
Сырттандыгы ушундай,
Сырттан төрө Семетей,
Бууруулдун оозун бурду эле,
Муңайбай карап турду эле.
Абасы Бакай ак жолтой,
Чын даанышман олуя,
Чын каканды Бээжинди
Мурунтан көргөн карыя.
Кайнап жаткан какандын
Кагышын көргөн эр Бакай,
Казатта кыргын өлүмдүн
Чабышын көргөн эр Бакай.
Айры белес кезеңге
Көкчолок оозун бурду эле,
Кайнап жаткан кытайдын
Кабары кандай болду деп,
Кароолго Бакай турду эле.
Алмамбет уулу Күлчоро
Ат арытып, жер чалып,
Кайгуулга чыгып жол карап,
Кагышарга жан таппай,
Капталды тозуп калды эле.
Чубактын уулу Канчоро
Эр Семетей баатырдын
Кутба жагын алды эле.
Жер бекитип, жол тозуп,
Баатырлыгы башка озуп,
Тобокелдеп бел байлап,
Арысланга окшоп көз жайнап,
Дагдыр башка чийгенин
Не да болсо көрсөк – деп,
Калың кытай эл келсе,
Кагыша жүрүп өлсөк – деп.
Күлчоро минтип сүйүнөт,
Чубактын уулу Канчоро
Бээжин бейпай жер эле,
Кытай долу эл эле.
Кайра тартпай урушсак,
Жабыркай жаза мүшкүл иш
Көрүп калар бекенбиз,
Жалгыз биздер, кытай сан,
Жапаны тартып бу жайда
Өлүп калар бекенбиз!
Күрөшүп күч жетпеген,
Кагышкан аман кетпеген,
Кан Коңурбай эрен бар,
Дууга кирип кеттик – деп,
Айыкпаган чоң мүшкүл
Чууга кирип кеттик – деп,

www.bizdin.kg



Кармашса калкы түгөнбөс
Элге келип кезиктик,
Эчендин жанын кайсаган,
Жерге келип кезиктик.
Кудай билет өлүштү,
Кудай билер Таласты
Кайрылып нечен көрүштү.
Каарлуу кытай каканчы
Кармаш кылса кокустан,
Чапчыша кетсе окустан,
Тирүү кармап алалы,
Башка коок кийгизип,
Бээжинге айдап баралы.
Чубактын уулу Канчоро,
Кайгырып минтип күйүнөт.
Алмамбет уулу Күлчоро
«Кыргынды бере көргүн» – деп,
Кыпкызыл болуп сүйүнөт.
Аны мындай таштайлы,
Бул жагынан баштайлы:
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган.
Керүүгө салган там болгон,
Кечилге өзү кан болгон,
Кез болгон душман жай болгон,
Кечилдин каны Конурбай,
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Алөөкөнүн өз уулу.
Урушка кирсе ыктуусу,
Айласы тегиз, заары күч,
Кайнап жаткан кытайдын
Аябаган мыктысы.
Айла тапкыч, эң ыктуу,
Кандай жоонун айласын
Байкап билген чоң мыкты.
Алтын түркүк чатырга,
Эр Коңурбай баатырга,
Кандуу көзүн өрт чалып,
Чыдай албай чоң кандын
Чылгый ичин өрт алып.
Каар салып бакырып,
Каканчындын Бээжинден
Түк бирөөң үйдө калба – деп,
Түгүн койбой чакырып.
Качыр менен төөлөрдөн
Жыйып ылоо байлатып,
Ал ылоого мингизип,
Шаарып-шаар кытайдан
Койбой баарын айдатып.
Күлүктүн баарын жоорутуп,
Көп элдин ичин оорутуп,
Качырдын баарын жоорутуп,
Калкынын ичин оорутуп,
Калайман салды Коңурбай.
Чет-Бээжиндин бир жагы
Коңурбай жаткан сеңирде
Ылайыктап көп манжуу,
Кечилге салган себилде
Артыктыгын оздурган,
Ал бөрүнүн этегин
Айландыра тоздурган.
Эл чогулуп там кылган,
Эр Калчаны кан кылган.
Душман басып кетет деп,
Жоо тебелеп өтөт деп,
Айланта салган там болгон,
Бээжинге Калча кан болгон.
Там бийиги кырк кулач,
Каттап адам барбаган,
Кабарын жандан албаган.
Коңурбай кечил каны экен,
Кытай, манжуу, калмакка
Кыялы мынча жан экен.
Жүрүмүнөн чаң чыккан
Добушунан кан чыккан,
Ырымы экен кечилдин
Өгүзү карып өзү өлгөн.
Өлүп калса адаты,

www.bizdin.kg



Өлгөн малын тең бөлгөн.
Серкесин сетер көтөрүп,
Мингени ыйык ат болгон.
Этине ыштан кийбестен,
Ургаачы менен жат болгон.
Зайыбы жок турдурган,
Сан кара малын жыйдырган.
Ал сепилдин ичинде
Коңурбайдын мунара,
Мунара жайын сураба.
Сепилдин бир жак бурчуна
Алты дөө катар мингендей,
Үстү менен карандын
Алты атчан катар жүргөндөй.
Көз жетпеген мунара
Коңурбайдын чоң сепил,
Мунара жайын сураба.
Тогуз миң кулач бийиги,
Үстүндөгү коңгуроо
Коңгуроосун бир урса
Тогуз күндүк жерине
Ашпай-шашпай угулган,
Ырас экен тийими.
Мунара жарык жагылып,
Коңгуроо бекем кагылып,
Албан түрдүү балбаны
Такыр келди жабылып.
Ат көтөргүс жөөлөрү
Албан түрдүү дөөлөрү,
Таш сайынган тазасы,
Күрмө кийген күчтүүсү
Беренжи кийген берени,
Албан түрдүү балбаны
Кынжылалуу кээ бирөө
Ырымы экен кытайдын
Балбандары байлоолуу.
Балбандын бирөө бошонуп
Кокусунан кол салса
Адамдын чыгат далдалы.
Албан түрдүү балбанын
Капыр Калча Коңурбай
Койбой жыйып алганы.
Киши билбес сөзү бар,
Мандайда жалгыз көзү бар,
Кулак угуп, көз көргүс
Элди жыйып алыптыр.
Темирден кылган калың тор,
Тегиз келди калың кол.
Кошо келген балбаны,
Албан түрлүү жандары.
Анын энеси инди жалабы,
Атасы кытай долусу,
Адамдын тилин билбеген,
Айбанга чалыш долусу
Бет алган тирүү барабы,
Беттешкен тирүү калабы.
Албан түрдүү кол айдап,
Колун жыйнап, мол айдап,
Жүз адамда бир жакшы,
Миң адамда бир башчы,
Колун жыйып алыптыр,
Мен алп-дөө дегенди
Чогуу жыйып калыптыр.
Үрбөн-дүрбөн иш кылып,
Каарды катуу салыптыр.
Көөхардан топчу муштумдай,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Көрчү болсоң ушундай.
Аркагы темир көк күбө,
Ок өтпөгөн бек күбө.
Көк күбөнү жамынып,
Көрчү болсоң Коңурбай
Көк жолборстой чамынып,
Кармашынан кан чыгып,
Кайратынан жан чыгып,
Каарланып Коңурбай,
Каар салып, элин чачтырып,
Өзүң көргөн Алгара

www.bizdin.kg



Ойку-кайкы бастырып.
Он эки калдай, сан шибе
Элдин баарын шаштырып.
Каарынан Калчанын
Жер айрылып күркүрөп,
Коңурбай үнүн укканда
Калың кытай, көп манжуу
Сууга салган чыбыктай,
Турган экен диркиреп.
Алөөкөнүн Коңурбай
Ала-Тоодой көрүнүп,
«Кан эмине болду?» – деп,
Калкынын көөнү бөлүнүп.
Кабарын айтып бакырып,
Балбандарын чакырып,
Турган экен Коңурбай:
«Калың кытай каканчы
Мен силерге туулган
Темир кошой чеп элем.
Эңишкен жоону эңкейткен,
Эрен Калча мен элем.
Мен билгенди билдиңби,
Журтум, мен көргөндү көрдүңбү?
Ушу Бээжин оюнда,
Чоң Какандын боюнда
Алтайга келип туулуп
Он экиге келгенде
Кызыталак чоң канкор
Кытайга салган чуу кылган,
Ордо бузуп, олжо алып,
Орчун журтка кол салып,
Эсенкандын элчиси,
Арадагы ченчиси
Оргону союп оройтту,
Кочкулардын баарысын,
Койбой союп торойтту.
Каканчынын Бээжинге
Калайманды салам – деп,
Бу Бээжинге кол салып,
Аккуласын ойнотуп,
Алышканды сойлотуп,
Кыргынды кызык салды эле,
Кыз-катындын баарысын
Олжого тартып алды эле.
Канкордун салган кордугу
Сөөгүмдөн кете элек,
Манастын салган кордугу.
Жылкыдан тулпар Алгара,
Алгара каалап мингемин,
Айлап-жылдап урушуп,
Ошол Манас эр менен
Алышты кылып жүргөмүн.
Өткөн иштин жайынан
Билесиңби калың журт,
Ошол Манас айынан
Чет-Бээжинден мен чыктым.
Ат аябай жол жүрүп,
Арада кырк күн мол жүрүп,
Чоң-Бээжиндин шаарына,
Бээжиндин Кары канына
Арышты арбын салганда,
Атка оюнчу, жөө күлүк,
Казыналык жоо бербес
Каражой уулу Кожожаш,
Кожожаш сурап алгамын,
Канкор Манас шер менен
Кагышты катуу салгамын.
Болуп кеткен чатакта,
Айзанын баары жыйылып,
Адамдын баары кырылып,
Жерден мунар чаң каптап,
Жер жайнаган кан каптап,
Кандуу канга каныштык,
Качпай туруп салыштык.
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирди.
Каканга кирип кайрылып,
Кара кылып олтурган

www.bizdin.kg



Кан Чубактан айрылып,
Алты туу сайып желекке
Улаккан уулу Сыргакты
Кытайга берген белекке.
Кыйла мүшкүл көрдү эле,
Кызыталак канкордун
Кыйласы минтип өлдү эле.
Кара-Капчал оозунан,
Кара-Тоонун оюнан
Кара-Суунун боюнан,
Үрүмчү, Серүүн баткалда
Жолдошунан ажырап,
Кайгырып Манас жатканда,
Кароолчусу Ажыбай
Каалгып уктап турганда
Түз кирип, дүмөк салгамын,
Кый далынын бетине,
Кыр арканын четине,
Өпкөнүн аз туш ченине
Өпкөлөп айза сайгамын,
Кайраты катуу канкор шер,
Мен жакка мойнун бурду эле,
Шашып кетип курган жан
Айзаны сууруп алгамын.
Урушка көнгөн Манасты
Ушунтип Кудай урду эле.
Кыр арканын өзүнө
Кирип кеткен айзанын
Үч эли жери сынды эле.
Жарасын айтпай ал көкжал,
Жаман ооруп барды дейт,
Кайра келбес чын жайды,
Канкор Манас көрдү дейт.
Ошол оорудан өлдү дейт.
Каралуу кетип Каныкей,
Качып кетип Семетей.
Жесир кетип Каныкей,
Тентип кетип Семетей.
Темир кандын шаарына
Тентип барып чоңоюп,
Кара кандын шаарына
Качып барып зор болуп,
Эрешен тартып эр болуп,
Өлөңдүү жерге өрт коюп,
Тулаңдуу жерди тутанткан,
Кара сууга кан куйган,
Кайраттуу чыкты деп уктум.
Энеси эпсиз Каныкей,
Атасы канкор эр Манас,
Манас кандан туулган,
Баарыга салат чуулган.
Буурсунду бургузбайт,
Буюрбасын калп айтсам,
Бу Бээжинге тургузбайт.
Элди тоого жайлатпайт,
Бул канкордун баласы
Эгин-тегин айдатпайт.
Белди бекем бууй берет,
Бээжиндеги Калчадан
Манастын кунун кууй берет.
Айтсак дүмөк кеби бар,
Атасынын кеги бар.
Дүмөктү жаман баштады,
Кырк жылкычы, жолум үй
Кыйратып союп таштады.
Азаптан өлбөй тутулду,
Сакал менен мурутун
Такыр бойдон жулдуруп,
Карагул качып кутулду.
Каарды катуу баштады,
Алгаранын куйругун
Түбүнөн жулуп таштады.
Эшикке чыгып кааласам,
Эл аманын карасам,
Казган экен орумду,
Көргөзүптүр көзүмө
Киши көрбөс сонунду.
Түгөнгөн журт, кебимди ук,

www.bizdin.kg



Түбүмө чогуу жетиптир,
Дүңгүрөгөн жылкымды
Түгөл тийип кетиптир.
Чыбыраган кулун-тай
Сууга кырып салыптыр.
Кыңкылдатып бээлерди
Субай айдап алыптыр.
Түбүмө түптүз жетиптир,
Казыналык түмөн мал
Бажыга жыйган сан кара
Түгөл тийип кетиптир.
Семетей жайы ушундай.
Чапчышып чама жеткисиз,
Өнөгүн жанга бергисиз.
Жылкы тийип алганда,
Арт жактан аңдып барганда,
Белесте канкор жатканда,
Төш сөөгүн жара атканда
Курмандыкка чаларда,
Эми жетип чочконун
Башын кесип аларда
Бээжинге салган дүмөгү,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Аркада калган күмөнү,
Өзү жаштоо бала экен,
Жети миңдей аскерге
Жеке кирчү жан экен.
Алек болдум жан менен
Ал Күлчоро жеткени,
Айта-буйга дегиче
Малакайды башыман
Ыргыта чаап өткөнү,
Күлүк экен Алгарам
Күн-түндөп качып кутулдум
Түп этектен аларда,
Ушу Калча абаңды,
Узунунан саларда,
Канжарлап жарып ичимди
Жол үстүнө жađарда,
Күлүк экен Алгара
Күйүттөн качып кутулдум,
Телегейи тең экен,
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар шер экен.
Кере кулач төрт эли
Алмамбеттей баланын
Эрлиги күчтүү неме экен.
Алмамбеттен туулган,
Аман болсо көрөрсүң,
Бээжинге салат чуулган.
Каардуу катуу кагышты
Сала турган кези экен,
Какайлатып Бээжиндин
Кандыгын тартып ал көкжал
Ала турган кези экен.
«Калың журтум, кебимди ук,
Буруттун кылда четинде
Кызыл-Кыя жердеген
Кырымдын уулу Мурадыл
Кытайда мыктуу эр эле.
Бу Бээжинге орногон,
Кара кыраң бел эле.
Каканчындын Бээжинге
Камдана чыккан шер эле.
Мурадылдай уулду
Катын туубайт деги эле.
Кабарчысы билинип,
Бакай кармап алыптыр,
Кармашты катуу салыптыр.
Кармашып жүрүп алардан
Кан Мурадыл өлүптүр.
Ал Мурадыл өлгөн соң,
Кабарга бир жан келиптир.
Кабары бийик, заары күч,
Кармашып жанын кыйбасак,
Кагышты катуу салбасак.
Азар-түмөн кол болуп,
Азыраак эмес, мол болуп,

www.bizdin.kg



Кандуу канга канышып,
Таласка казат салышып,
Бакайы баштап баарысын
Баатырлыкты салбасак,
Семетейин баш кылып,
Күлчоро башын албасак,
Дүмөк да ошол, шер да ошол,
Бу Бээжинге бир кордук,
Сала турчу эр ошол.
Себилдүүсү сексен төрт,
Кызыталак балдардын
Серпишкен жагы кызыл өрт.
Кабарман өлөт, кан өлөт,
Кармашкан жандын баары өлөт.
Кызыл-тазыл мунарык
Кырынан көрсөм бөлүнбөйт,
Кытайдан тийсе колуна
Кылчаяр арам көрүнбөйт.
Жылма болгон жылкыны
Жылыштатып алдырдык,
Эр Мурадыл баатырды
Жолго өлтүрүп салдырдык.
Кызыталак бурутка,
Канкордун уулу чунакка
Мынча мүлктү алдырдык.
Кырк эки Бээжин козголуп,
Кара курттай жер жайнап,
Жерге баткыс кол болуп,
Кагышты катуу салалы,
Кармашып жүрүп балдарды
Тындым кылып салалы.
Камап барып Таласты
Өзөндүн суусун буралы.
Өлүшүп алты ай урушуп,
Жалгыз талын калтырбай,
Бурутту кырып салалы,
Эр Мурадыл чоң балбан,
Ушунтип өчүн алалы
Ажалдуубуз өлөлү,
Күчөгөн экен ал жетим,
Күрсүлдөшүп көрөлү!
Күрдөлүү журтум келгин – деп,
Бул сөзүмө көнгүн – деп,
Айзага даңгыл ыктуу чык,
Айласын билчү мыктың чык!
Бир беттешип барганда
Тизгиндешип барганда,
Тулпар оозун бурчуң бар,
Турбай алты ай салышып,
Туу түбүнө турчуң бар,
Кара мылтык карс этсе,
Качып бербес шериң бар,
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочуп кетпес эриң бар!
Беттеше айза сунушчу,
Бет алышып урушчу
Айзага камбыл эриң бар!
Болуп кетсе чоң бузук,
Кажыбай жоого кирүүчү
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Токмоктошуп жүрүшчү,
Кайратың бар, шериң бар,
Калың журт муну билип ал.
Бурут алды жылкымды,
Бузуп кетти уйкумду.
Семетей тийди малымды,
Көп кетирди алымды.
Кайра тартып ал канкор,
Албайбы Бээжин шаарымды.
Кырып кетет баарымды,
Кыйла журт азыр камынгын,
Кырк кандын эли тең киргин.
Кыянды баштап сел жүргүн,
Селче толкун эл жүргүн.
Чапчышкан тооң жоголсун,
Чалыяр жетпес Бээжинге
Чалган экен куу жетим
Иши кайдан оңолсун

www.bizdin.kg



Бу эселек буруттун
Эли-журтун кыралы,
Эсил катын Каныкей
Канчалык карып кетсе да
Ошону олжо кылалы!
Кун алуучу буруттун
Буласын булап алалык,
Бузукту мыктап салалык
Калың кол менен кирелик,
Как куйкасын тилелик
Төбөсүнөн басалык,
Бар дүйнөсүн чачалык
Алыш кылса минтели,
Манастан калган жетимдин
Бир бокчосун тинтели.
Тийип алып жылкысын,
Сонун болсо аа жаңжал
Бир ачалык уйкусун.
Байлап Бакай дөөсүн,
Тийип алып бээсин,
Жакындаса моминтип,
Жайната чаап мээсин,
Чыгаралы көөдөктүн,
Капкайдагы кээсин.
Алышып азап салалык,
Акмакка дүмөк салалык.
Азар түмөн кол болуп,
Жер жарылган мол болуп,
Таластан камап баралык,
Таш коргонун талкалап,
Такыр кырып салалык!
Кум коргонун куйкалап,
Сыйман кылып салалык!..» –
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Алты миң жайсаң, миң тыргоот,
Айкырык салып шаштырып,
Опол-Тоодой чоң кара ат
Ойку-тейки бастырып,
Каарланып бакырып,
Түмөн колун чакырып,
Коңурбай каарын баштаптар.
Коңурбай түрүн көргөндө,
Калың кытай улуу журт
Арбындыгы кара курт,
Бузулуп кете таштаптыр.
Алөөкөнүн Коңурбай
Ач арсландай көз жайнап,
Ээликкенден желигип,
Эң бакырып демигип,
Каарды катуу баштады,
Калың колу чуу туруп,
«Канга эмине болду?» – деп,
Каарына чыдабай,
Каканчылуу Чоң-Бээжин,
Бузулуп кете таштады.
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Жетип балбан Коңурбай
Добушунан жан чыгып,
Айкырса кулак тундуруп,
Айгайды катуу баштады.
Жакшысы эмес жаманы
Жалпы жандан түңүлүп,
Кырылып кете таштады.
Төбө чачы үксөндөп,
Шашкан кытай дагы бар.
«Төбөңдөн тийген чоң Калча,
Боо немине болду?» – деп,
Качкандары дагы бар.
Күрмө кийген манжуунун
Күчтүүсү катар жарданып,
«Күйгүлтүк кандай болгон?» – деп,
Коңурбайга таң калып.
Бул кызыталак Коңурбай
Айгайды арбын салар деп,
Элден бирөө кемисе
Калгандарды калтырбай
Такыр кырып салар деп,
Ойлонуп жандан түңүлүп,

www.bizdin.kg



Опол-Тоодой Калчага
Адаты экен кытайдын
Келиндерче жүгүнүп.
Келген экен калың кол,
Күч кылган экен Калча зор.
Кабарды катуу баштаптыр,
Калың кытай, көп манжуу,
Алапайын таба албай,
Бузулуп кете таштаптыр.
Кандын каары келди – деп,
Шашкандары дагы көп.
Катын менен балага
Акыры көрүп калууга
Качкандары мындан көп.
Удураңдап калышып,
Урушун эске алышып,
Түмөндөгөн калың кол,
Аркы-терки басышып,
Алапайын таба албай
Баланы башка шашышып,
Кейишип жандан түңүлүп,
Үч күн мөөнөт бергин – деп,
Коңурбайдын алдына
Келин болуп жүгүнүп.
Улугу каардуу кан аты,
Улугу турса моминтип,
Ургаачыча жүгүнгөн
Улугунун алдына
Ушу журттун адаты.
Кудай бетин көргөзбө,
Каарды катуу баштады.
Калайман түшүп, эл каптап,
Каканчылуу Чоң-Кеңтуң
Ошо журттун баарысы
Бузулуп кете таштады.
Кордук көрүп туйлашып,
Баякы Калча чочконун
Жин оорусу келди деп,
Журтту камай берди деп,
Журт саруулап ыйлашып.
Коңурбай жайын сурасаң,
Оңурайган дөбөнүн
Ортосундай көрүнүп,
Он эки дайра өзөндүн
Шар жериндей көрүнүп,
Адамдан артык Калчанын
Кай кылыгын айталы:
Эки көздүн кычыгы
Төбөсү түшкөн көргө окшоп,
Каш-кабактын ортосу
Бай жайлоочу төргө окшоп.
Коңурбай жайы ушундай,
Алтын айлуу, сыр канжа,
Алача тоодой эр Калча,
Соргон сайын канжасы
Аяк жагы коркурап,
Оозунан чыккан түтүнү
Кол учтуктай буркурап.
Жерге туман түшкөнсүп,
Кол эсинен жаңылып,
Кай бирөөсүн кай бирөө
Тапбоочудай чуркурап.
Кабары кыйын, заары күч,
Калчанын түрүн көргөн жан
Жөн эле жандан күдөр үз.
Балбандары бакырып,
Күчтүүлөрүн чакырып,
Алдуулары көрүнүп,
Кубаты жок алсыздар
Аттарында бөлүнүп.
Эрендерин, кандарын,
Калтырбай жыйып калганын,
Каталдын уулу Карагул,
Карасаң дүмөк мына бул.
Элди катка салды эле,
Эл эсебин алды эле.
Түмөндөгөн кол болуп,
Аз гана эмес, мол болуп.

www.bizdin.kg



Чынмачындан, Какандан
Жыйылып чогуу мол болуп.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүнөн кол алып,
Таш сайынган кытайдын
Тазасын жыйнап чогуу алып.
Төөнү жаза муштаган,
Дөөдүр, Кочку эрди алып.
Өңкөй балбан, кең көөдөн
Өлчөөгө толчу шерди алып.
Айкай кулак тундуруп,
Кан Коңурбай, Карагул
Карасаң мүшкүл мына бул.
Каканчындын Бакбурчун,
Калтырбай жыйып бу журтту
Аталган дөөнүн баарысын
Берени Калча карысы.
Калча кылып буйрукту,
Калкын жыйып алды эле.
Калың колун чуулатып,
Аркы-терки чубатып,
Чубатууга салды эле.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Кең мүчөлүү эренин,
Кебетелүү беренин
Козголтпой кармап калды эми.
Кайраты кемчил жаманын,
Караан болчу адамын,
«Бурут менен урушуп,
Не муразга жетсин» – деп,
«Алсыздары, чабалы,
Акыл билбес жаманы
Мунун баары кетсин» – деп,
Калча шумдук салды эми,
Калк дүрбөтүп, журт жыйнап,
Калайманды салды эми.
Камдалышкан калың ок,
Түмөн колдун ичинде
Немине бар, нелер жок.
Түндө эшикке чыкпаган
Коркоктору дагы көп.
Айбалта түздөп, чаба албас,
Айза имерип, сая албас,
Чоркоктору дагы көп.
Жер жайнаган дуу келсе,
Айгайы артык чуу келсе,
Шашуучусу дагы көп.
Оолугушуп беттешсе
Ойрон кылып бүлдүрүп,
Качуучусу дагы көп.
Ошол келген көп колго
Качырдан ылоо мингизип,
Карадан күрмө кийгизип,
Калтырбай жыйнап калды эле,
Калың элди чуулатып,
Чубатууга салды эле.
Миңин таштап, бирди алып,
Артык балбан эрди алып,
Айзага камбыл шерди алып,
Жоо көрүнсө камынган,
Жок жерден акыл табылган,
Жыдымактан кайтпаган
Беттешсе атпай жатпаган,
Саадагын жоого саптаган,
Чуу укканда жөн эле
Өлтүрүп жерге таптаган
Эрендери бир бөлөк.
Эзелде жоодон кайтпаган
Берендерин бир бөлүп,
Айзакерден абыдан
Ыктууларын бир бөлүп,
Айзасы толук оң балбан
Мыктыларын бир бөлүп,
Беттешкенден тартпаган,
Кез болсо жоодон кайтпаган
Эрендерин бир бөлүп,
Эң акылман айлалуу,
Берендерин бир бөлүп.

www.bizdin.kg



Кылдай баары кара тон,
Кылкылдаган түмөн кол.
Жоо көрүнсө кыйкырып
Барчууларын бир бөлүп,
Арыландардай аралап,
Айгай түмөн ызы-чуу
Салчууларын бир бөлүп.
Ок өтпөгөн темирден
Тончондорун бир бөлүп,
Тегиз канжар балакет
Колчондорун бир бөлүп.
Керней-сурнай тарттырып,
Керикке ок-дары арттырып,
Балакеттүү Бээжинден
Дарбазасын тарттырып.
Билге ок-дары арттырып,
Айкай кулак тундуруп,
Асман жарган чуу болуп,
Азар түмөн кол болуп,
Аз гана эмес, мол болуп,
Жезнай үнү такылдап,
Барабан кулак тундуруп.
Баарын айдап көп колун,
Шашпаган экен Коңурбай,
Чың кыргынды бурутка
Баштаган экен Коңурбай.
Албан түрдүү алп айдап,
Бирөөн койбой жалпы айдап,
Ороңгу деңиз дөөнү алып,
Желиктирип жөөнү алып,
Чубаган дөөнүн баарысы
Асман ачык, жер бүркөө
Жерден бир тал көрүнбөй,
Коңурбай колу мынча көп.
Айза чыгып, жер жайнап,
Кулак тунуп, ич кайнап,
Элден бир да көрүнбөйт.
Жабылып кытай каканчы
Асты менен келе элек.
Азар түмөн калың кол
Аламан коюп жөнөдү,
Миң башына бирөөнү
Жакшы коюп алыптыр.
Бет алган тирүү боло албай,
Айкай салып мол болуп,
Кызыталак кытай журт
Кыйындуу Калча каарынан
Кырк кандын эли козголуп.
Колдун жайы ушундай,
Кол ортосу Кара-Тоо,
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып.
Кара манжуу тагылык
Каканчылар көп кытай
Каптаган экен жабылып.
Калыктын баары козголуп,
Кол каптаган бүтүн жер
Бүлүнүп кара жол болуп,
Кыжылдап кытай мол болуп,
Эсебин алган бир жан жок
Эчен түмөн кол болуп.
Тиктешкенге тим эле
Тигинен кирип өткүдөй
Кагышкандын түбүнө
Каптап кетсе жеткидей.
Бет алганда кыжылдап,
Кумурскадай быжылдап,
Каптап талап өткүдөй.
Кармашкан тирүү түк калбай,
Ажалы чогуу жеткидей.
Өлдүм деп жандан түңүлүп,
Көрүп турган жандарың
Жүрөгү түшүп кеткидей.
Эр башына бир-бирден,
Аш кайнатып ичүүгө
Чоюндан кылган жан казан
Эр башына бериптир,
Эсепсиз каптап келиптир.

www.bizdin.kg



Кашкулак көрсө кармап жеп,
Суур көрсө сууруп жеп,
Түздөн кулан кармаса
Түгөл бөлүп аны жеп.
Түрдөнүп каптап алыптыр,
Кандан буйрук келди деп,
Кара курттай көп кытай
Аламан коюп салыптыр.
Чабуул чечип, кол каптап,
Чамасы жаман мол каптап,
Жээ күлүк аттай жүгүрүп,
Кайгуулунан көргөн жан
Жөн эле жандан түңүлүп,
Жер тумандап чаң басып,
Үркүн-дүркүн кол болуп,
Жер жайнаган мол болуп,
Беттешкенде бул кытай
Бейпайды бекем салгыдай.
Бет алгандын баарысын
Куткарбай байлап алгыдай.
Айзанын башын сүрүшүп,
Адамдын башы тийишип,
Айзанын учу кылкылдап,
Айзанын башы былкылдап,
Токойду көр, селди көр,
Токойдой толкуп каптаган
Толгон кытай элди көр.
Карга айланган жолду көр,
Кастарын тиккен колду көр.
Колдун артын айдаган
Эр Коңурбай чоңду көр.
Тобу менен урушка.
Менде түгүл кытайга
Тоо туруштук бергисиз,
Кармашам деп теңелип,
Калайык чыдап келгисиз,
Чөптөн калың кытайдын
Эсебин эч ким билгисиз.
Жаза салып жабылса
Жан туруштук бергисиз,
Жанына менде келгисиз,
Бет алганды кылат түз.
Берени Калча кан экен,
Берен жандан күдөр үз.
Көк найза сунуп сайышса
Көл туруштук бергисиз,
Көргөн жан чыдап Калчага
Бир адам жакын келгисиз.
Алакөөнүн Коңурбай,
Башта жоону көп көргөн,
Адис экен доңуз ай.
Манастын уулу канкорду
Айлына кармап баруута,
Күчөгөн экен көп манжуу
Күйүттүү кагыш мүшкүлдү
Кең Таласка салууга.
Бурулбай түмөн кол алып,
Бузугу арбын мол алып,
Көк темирдей кол болуп,
Көп тиктешке мол болуп,
Көрсө ушул Коңурбай
Учуп жүрүп жер чалган,
Семетейдин Чүрөгү
Жылкысы үчүн кол жыйган
Коңурбайдын дүмөгү
Ааламга жеткен чатагы,
Ушул жолку чоң жаңжал
«Кичи казат» атагы.
Үркүн-түркүн кол бөлүп,
Миңге түрлүү чым бөлүп,
Чыйырчыктай сарала
Сур миңгенин бир бөлүп,
Чындап окшош карала
Кур мингенин бир бөлүп.
Кара байыр, казанат,
Калбыр өпкө, жез билек,
Буура көкүл, капкан бел,
Кулжа моюн төгөрөк

www.bizdin.kg



Ат мингенин бир бөлүп.
Кыл куйругун отогон
Чарт түйгөнүн бир бөлүп,
Күрмө кийген манжуунун
Күчтүүлөрү бөлүнүп,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары көрүнүп,
Шуру отогот, маржан таш,
Коңурбайдын колунда
Ошол жолку тобунда
Луң-туңдун каны аралаш.
Берени бөлөк, алпы бар,
Көк темирдей чыңалып,
Каптаган экен каркыбар.
Кан Калчанын калкы бар,
Кармашканды соо койбойт,
Качан да болсо Коңурбай
Кан иче турган салты бар.
Бүлүктүү ойрон кан ошол,
Кыргыз турмак кылымга
Уруш салчу жан ошол.
Жетик Калча көкжалдын
Жеткилең Бээжин шаарына
Дөө экени дагы чын,
Чынмачынга Бээжинге
Чын кан ичме Коңурбай
Ээ экени дагы чын.
Бээжиндин бер жак бетинде
Кароолунда шер коргон,
Кагышка кирсе эр сойгон.
Карасаң Калча эр болгон.
Октос берип сөгүлүп,
Олунуп кетсе чоң кара ат,
Коңжоңдогон түгөнгүр,
Короюп тоодой көрүнүп,
Алтындан тизгин жулкунтуп,
Алгара менен булкунтуп,
Алтындан түймө чоң тизгин
Кош колдоп колдо карышып,
Жеке Калча кул эмес,
Оңжоңдогон чоң атка
Он эки төрө жабышып.
Арт жагына бөктөргөн
Төрөдө төөдөй алтын так,
Төрөнүн уулу Семетей
Эр Коңурбай баатырдын
Кастарын тиккен ошол чак.
Тукум койбой Манаска,
Каптап барып Таласка
Баласын байлап алалы.
Кармап барып Каканга
Кызыл көйнөк, айча бел,
Кылтылдаган сулууга
Айгыр салып салалы.
Алакөөдөн Семетей
Алдап тукум алалы.
Бакай баштык Бөлөкбай,
Иштектерден Жамгырчы
Карганы колго капталса,
Кармап чогуу баарысын
Кыргын кылып салалы.
Эки чоро кул тийсе,
Эки окшошкон уул тийсе,
Оңурайтып, окшойтуп,
Олжого кармап алалы.
Деген сөзгө көнбөйбү
Кызыталак кыргыз журт
Чатакташпай, чырдашпай,
Сураганды бербейби!
Сураганды бербесе,
Сексен миң каны болсо да,
Кызыталак жетим кул
Кыргын болуп албайбы.
Кылчайбай капта, калың журт,
Муразыңа жеткиле,
Ушу турган бурутту
Ондоп-солдоп качырып,
Ойрон кылып өткүлө.

www.bizdin.kg



Кун алуучу бурутту,
Кектеше келген бу журтту
Түбүнө чогуу жеткиле,
Түз каптап, союп кеткиле!» –
Деп, өшөнтүп Коңурбай,
Каарды катуу баштады,
Торала желек туу тартып,
Каканчылап чуу тартып,
Коңурбай колун айдады.
Толуп жаткан түмөн кол
Толкубай карап калбады.
Тоодой болгон эр чиркин,
Балдарга салган жаңжалы.
Калың кытай, сан шибээ
Капсалаң кытай, көп тыргоот,
Каракалмак, тыргооттор
Калтырбай такыр айдады,
Коңурбай каарын көргөндө
Аянып бир жан калбады.
Баатырлары, эрлери,
Жоодон коркпос шерлери,
Алды менен бөлүнүп,
Караан болчу жаманы,
Кайра каччу арамы
Арт жагында бөлүндү.
Кең көкүрөк эрендер,
Келберсиген берендер,
Жолумдуусу бетинде,
Жолборстой жоого кирүүчү
Жоон балбаны четинде.
Камбылдары бетинде
Камчыга кайрат берүүчү
Канкорлору четинде.
Айзакерден эренди
Алып Калча бөлүптүр,
Айласы мыкты көсөлдү.
Жер жарылып чаң болуп,
Жер кылкылдап жан толуп,
Жээк тартып кылкылдап,
Желдире жүрүп былкылдап.
Кутургур жайы ушундай,
Кулжуңдашып калышып,
Кырк уруу кытай дээр экен,
Алөөкөнүн Коңурбай
Тегиз жыйып калышып.
Көк темир айза сунушуп,
Баш-аякка көз жетпейт.
Түмөн кол каптап турушуп.
Жүрүп өткөн жерлери
Казылган чуңкур ор болуп.
Жатып өткөн жерине
Кайнатылуу шор болуп.
Канчалык түмөн козголуп,
Таң, билбейбиз, чын болсо,
Көбү жалган, көбү чын,
Көрүп келген киши жок,
Жармысы төгүн, жармы чын,
Жанынан келген киши жок.
Жомок айттым эрмекке,
Жоголуп кеткен баатырдын
Жоругун айтып бермекке.
Алөөкөнүн Коңурбай
Айлалуу окшойт, бел экен,
Ашкере билгич шер экен.
Жоболоп түмөн кол айдап,
Манастын уулу чунакка
Жолугушар кези экен.
Мына ошондо Коңурбай
Каарды катуу баштады,
Бардыгер кытай, чоң манжуу
Кызык кылып баарысын
Кырып ие таштады.
Каарланып какайып,
Кайраты ашып сөгүлүп,
Түлөгөн жору каштанып,
Алуучу арслан баштанып,
Каарланып күпүлдөп,
Кайратынан Калчанын

www.bizdin.kg



Жер силкинип дүпүлдөп.
Далай күндөр өткөндө,
Белгилүү жерге жеткенде,
Муз бороондой баркырап,
Оозунан жалын шаркырап,
Алтын айлуу, сыр канжа,
Ала-Тоодой эр Калча
Айырмачтай акыска
Аскер жүрчү жапызга
Алгара оозун бурду эле,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Боз адырда Коңурбай
Козголоң салып турду эле
Кылычын сууруп бакырып,
Манжы, шибе кандарын
«Маа келгин!» – деп, чакырып,
Калчанын үнүн укканда
Калдайлар келди жүгүрүп,
«Канга эмине болду?» – деп,
Аң-таң калып көп балбан
Кайран жандан түңүлүп.
Айзаны жапыз алышып,
Ал Калчанын алдына
Тажымын кыла барышып,
Балбандар мойнун бурду эле,
Алты миң кытай, сан калдай
Ак сакалы Коңурбай
Кепти баштап турду эле:
Манжууларга бакырып,
Балбандарын, эрлерин
Баштан аяк чакырып:
«Калың журтум, бери кел
Кайратым ашты көрүңөр!
Кайра тартпай, көп кытай
Караан болуп бериңер.
Жетим алды жылкымды,
Желкелеп сойду журтумду,
Кармап кетти кайгуулдан
Эр Мурадыл инимди.
Кагып кетти көрдүңбү,
Капкайдагы жинимди.
Бакай баштап ал бурут
Мурун тозду алкымды,
Кыйратып кетти жылкыдан
Кырк жылкычы калкымды.
Кең-Колдон чаап көч албай,
Кериште салып урушуп,
Ал буруттан өч албай,
Артык тулпар Алгара
Кантип оозун бурамын,
Кагыш кылып өч албай,
Кармаш кылып кан төкпөй,
Кантип тирүү турамын.
Кармашарым ал жетим,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кечилдин каны Коңурбай
Кериш кылбай жылкысын
Алдырып ийди дедиртип,
Кантип тирүү турамын?» –
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Каарланса эки көз
Кан төгүлгөн немедей,
Чындап күйүп, бек жанып,
Кара саат Калчанын,
Чын күйүп, ичин өрт алып,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Эчен түрдүү түрдөнүп,
Алты миң кытай, сан калдай,
Балбанына сүйлөнүп,
Уксаң мүшкүл, каран иш,
Уктаса келбейт ушул түш,
Манастын уулу жетимге
Көп жылкыны алдырган
Урууда барбы ушул иш?
Уят болду мунубуз,
Айланайын балбандар,
Ошерге карап туруңуз.
Кашаттан чыгып карадым,

www.bizdin.kg



Манастын уулу Семетей
Эрдиги канча санадым.
Алгара оозун бурганым,
Атайы сынап тургамын.
Каарлуу адам барбаган,
Он сегиз миң ааламдан
Укуруk кайрар калбаган.
Семетей көкжал эр экен,
Телегейи тең экен.
Ичин карап олтурсаң,
Жер жүзүнөн кең экен.
Адамдын алы жеткисиз,
Арысландын тиши өткүсүз.
Бет ала кирип ал кулга
Айза сунса шашкыдай,
Атырайып караса
Менденин уулу качкыдай.
Эр Семетей эр экен,
Белин бекем бууганы,
Жылкыны тийип кууганы,
Атышты арбын салганы,
Манастын кунун алганы
Келгендиги эп экен.
Жалгыз башы сан колдук,
Жылкымды тийген Семетей
Мендеден бөлөк шер экен,
Атасы Манас арсландан
Артылта тууган неме экен
Жөн таштасак мал койбойт,
Уруш кылса жан койбойт,
Уйпалгырдын өзү экен,
Таласка жетпей өрттөнгүр,
Талаада жүргөн кези экен.
Айтканым ушул билип ал,
Сандаган кытай тилимди ал
Салмактуу жолун чалалы,
Манастын уулу жетимдин
Артынан кууп баралы.
Куу изине чөп салып,
Кубара кууп калалы,
Кулжундашып урушуп,
Кубалашып калалы.
Каарланып сайышып,
Качпай туруп урушуп,
Атышты арбын салалы,
Тийип кеткен түмөн мал
Ажыратып алалы.
Асман жарган чуу болуп,
Айгайлаган дуу болуп,
Беренсиген кул менен
Бет алышып калалы».
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Айдалыда очогор
Ийнинен сууруп алды эми
Кол башындай от болот
Очогорго союлгур
Ондонуп дүрмөт салды эми.
Калчанын түрү ушундай
Өзүң көргөн очогор
Очогор опсуз курч мылтык,
Оңурайган эр Калча
Талыкпастан өрттөнгүр
Очогор ичин арткылап,
Таза жезден жез сүмбө
Талыкпай нечен тарткылап,
Кыргы менен кыргылап,
Ургу менен ургулап,
Тартkы менен тарткылап,
Атышка адис Коңурбай
Тазалап ичин арткылап.
Кутудагы дарыны
Куптап кармап эр Калча
Очогордун оозуна
Куркурата куйду эле,
Чың коргошун болот ок
Коркуратып урду эле.
Түздөп кармап думбөлөп,
Ок аралаш дарысын

www.bizdin.kg



Очогорго сүмбөлөп,
Манжууларды бакырып,
Балбандардын баарысын
Турбай кел деп чакырып.
Касаба тоочо күүлөнүп,
Алты миң кытай, сан калдай
Алөөкөнүн Коңурбай
Алды менен бөлүнүп,
Белеске чыгып белсенип,
Белгилүү экен Конурбай
Бери ургандай теңселип.
Жай-жарагын шайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Колунан чыгып бөлүнүп,
Каары толуп Калчанын
Кан иччү түрү көрүнүп.
Кесепеттүү чоң Калча
Алышканды кайсаган
Оргоктугу дагы бар,
Он эки түмөн эл келсе
Жеке кырып таштаган
Жеткилең баатыр Калчанын
Сорготугу дагы бар.
Калча минтип турганда
Кээси коркуп, кээси үркүп,
Манжуу баспай сандалды,
Жоболоңдуу Калчанын
Жоругуна таң калды.
«Бу кутурган Калчанын
Жоосу кайда болду?» – деп,
Алты миң кытай, сан калдай
Карап туруп таң калды.
Алгара оозун бурбастан,
Каарланып какандап,
Айдабай Калча тынбады.
Серпилүүчү Калчанын
Шер экени көрүндү,
Балбанын айдап алганда,
Бөтөнчө жолго салганда,
Калың кытай, түмөн кол,
Түмөн колдон бөлүндү.
Көк эренче жамынып,
Көрсөң балбан Коңурбай
Көк камандай чамынып,
Жоо дегенде ылайым
Жолу болгон Коңурбай
Көк ала сакал чоң манжуу
Көрсөң түрү ушундай.
Темингиси телпилдеп,
Аркасында кара чач
Токмоктой болуп селкилдеп,
Көз үстүндө кара каш
Бөктөргөлүү чапандай.
Кайраттуу ушул, бел ошол,
Касташкан жоодон тартпаган
Кан Коңурбай шер ошол.
Бээжинде камбыл туулган,
Бет алганга Коңурбай
Сала жүргөн чуулган.
Оозун жайып оңкоңдоп,
Опол-Тоодой зоңкоңдоп,
Калчанын жайы ушундай.
Адыр-күдүр бел ашып,
Албан түрдүү жер басып,
Алган экен Коңурбай,
Томуктай болгон тоо ашып,
Тоңкойгон ылдый коо ашып,
Атбороюн сыдырып,
Жердин үстүн кыдырып
Калган экен Коңурбай.
Көз жетпеген калың чөл,
Кудай урган ошол жер,
Ошол чөлгө келгенде
Каарды катуу баштады,
Алты миң кытай, сан калдай
Ак сакалы Коңурбай

www.bizdin.kg



Аралаш баарын токмоктоп,
Кутургур жайы ушундай,
Кырып ие таштады.
Коңурбай шашып жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Алөөкө кандын Коңурбай,
Айласы жетик доңуз ай.
Сары кайкаң, түз мойнок
Мунун жолун чалыптыр,
Сүрдөөгө кеткен көп жылкы
Изин таап калыптыр.
Коңурбай жайы ушундай
Качкыны чукул качкансып,
Катынын кара баскансып,
Куугунун чукул куугансып,
Алты миң кытай, сан калдай
Айдаган экен туугансып.
Бөөт-бөөт бел менен,
Бөксө адырмак жер менен,
Балбанын айдап жол жүрүп,
Башкача Калча мол жүрүп.
Адыр-күдүр бел менен,
Азар түмөн эл менен,
Алөөкөнүн Калчасы
Ээр белдей кайкаңча
Белде жүрүп келатат,
Эч бир барып көрбөгөн
Чөлдө жүрүп келатат.
Чөлдүк жайы ушундай:
Куу учканда кулагы
Кулан качса туягы
Күйүп кеткен чөл экен.
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этип жутар суусу жок,
Казгалдак учса карыккан,
Тазкара учуп жете албай,
Ортосунда тарыккан.
Кузгун учуп жете албай,
Ортосунда чуулаган.
Жан-жаныбар өтө албай,
Таңдайы таңшып кургаган.
Кудай урган жер экен.
Каттап жалгыз келбеген,
Карабаскан чөл экен.
Бээжиндеги көп кытай
Дыңша-Далан дээр экен.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Дыңшанын чөлүн басты эле,
Бери карай ашты эле.
Калча кайдан аянып,
Ээр белдей белестен
Алөөкөнүн эр Калча
Эми жетти таянып.
Туяк тийип токтобой,
Кара жерлер оюлуп,
Арт жагына Калчанын
Бөрү, түлкү тоюнуп.
Коңурбай жайы ушундай,
Алышка адис даңгыл кул,
Өзү жоонун айласын
Мурунтан билген камбыл кул.
Коңурбай жайы ушундай –
Качан болсо канаты
Кылымдан дүмөк жоо чыкса
Качан болсо Коңурбай
Талкандай чалган адаты.
Астында тулпар Кара аты.
Кара атынын бар го дейм
Капталында канаты,
Урушкан жоого ушунтип,
Кыргын салган адаты.
Телегейи Калчанын
Тең экенин көрдүңбү?
Теги адам уулунун
Эр экенин көрдүңбү?
Балбан да ошол, шер да ошол
Балакет Калча эр ошол.

www.bizdin.kg



Сары изине чөп салып,
Саргара кууп баатырды
Жете турган кези ошол.
Адыр, мойнок, кайкаңды
Чалып калган кези экен,
Семетей жаткан өзөндү
Алкымын чалып эр Калча
Багып калган кези экен.
Калча ушинтип турганда
Канкор Бакай абасы
Касиетин карачы,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Абаң Бакай карыя,
Ар ишти билген олуя.
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Туралбай амаз окунуп,
Көкчолокту токунуп,
Балбарынан чочунуп,
Маңдайга салып чыкты эле.
Ошол күнү Бакайдын
Белги берип туйгун деп,
Боконо сөөгү болкулдайт,
Болбой тартып куу жүрөк,
Көкүрөктө солкулдайт.
Астындагы Көкчолок
Желгенине жел жетпей,
Басканына мал жетпей,
Төрт аягы шыбырап,
Жүгүргөндө ал чочко
Чөптүн башы кыбырап.
Бакай кандын Көкчолок,
Куландай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Ороктой болгон кара кыр,
Ойлосоң кароол мына бул.
Бакай кандын кароол таш,
Эчки-Өлбөстүн Кош-Мойнок,
Ылдыйы эки чат болгон,
Өөдөсү дөбө баш болгон.
Эченди көргөн эр Бакай,
Энтеңдетип чуратып,
Белеске чыгып барды эле,
Ошол күнү эр Бакай
Коен таяк колго алып,
Көзүн аачып алды эле.
Мунарык болуп бурчтанган,
Булунгур болуп учтанган,
Көз жетпеген талаага,
Ал талаанын өзүнөн
Эр Бакай кабар алды эле.
Ээр белдей мойноктун
Эл ашпаган белинен,
Чөңөрлүүнүн жээгинен,
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Чаңды көрүп алганда
Кан Бакайдан жан чыгат.
Оргуган чаңды караса,
Эл аманын караса,
Коңурбайдын чаңы экен.
Астындагы мингени
Алгара тулпар мал экен.
Алты миң кытай, сан калдай
Аркасында капырдын
Жолдошу мынча бар экен.
Мына ошондо эр Бакай
Каарланып бакырып,
Күлчоро менен Канчоро,
Семетейин чакырып.
Бакай үнүн укканда
Эки чоро жарышып,
Үзөңгүлөр кагышып,
Күлчоро менен Канчоро
Бадана кийип балкылдап,
Айдай жүзү жаркылдап.
Абакем Бакай карыя,
Ар ишти билген олуя,

www.bizdin.kg



Кыйкырыгың төп чыкты,
Кыйладан үнүң бек чыкты.
Аба Бакай, айта сал,
Казып койгон ор барбы,
Кайнатылуу шор барбы?
Кан Коңурбай баш болуп,
Каптап калган кол барбы?
Чырмап алар тор барбы?
Чындап үнүң бек чыкты,
Чындап кетчү кол барбы?
Каканчы журту козголуп,
Канча түмөн кол болсо,
Дуба кылып эр абам,
Супу тон бергин киейин,
Суркоен бергин минейин.
Атамдан калган курч экен,
Ойкума бергин алайын,
Он эки түмөн кытайга
Ойронду жеке салайын.
Чынмачынга каканга,
Чындап айдап кирейин,
Безелентип кытайды
Бээжинге чейин сүрөйүн.
Абаке Бакай, айта сал,
Жообуңуз кандай билейин?»
Ошондо Бакай кеп баштап,
Акырын айтып, бек таштап,
Бала каздай баркылдап,
Баатыр Бакай абаңдын
Ак сакалы жаркылдап,
Көкчологун жылжытып,
Көк ала калкан колго алып,
Кайраты толуп бакырып,
Карыганда кан Бакай,
Семетейин чакырып.
Арысландардай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Балдары баары келди эле,
Абасы Бакай көкжалдан
Жообун сурай берди эле.
Ошондо Бакай карыя,
Кыйланы көргөн олуя:
«Мен билгенди билдиңби,
Мен көргөнду көрдүңбү?
Боз ала туйгун болпоңдор,
Боз карчыга чолпондор,
Ай караңгы түн келди,
Ажал жетер күн келди.
Мунарык каптап чаң келди,
Ошол чаңдын ичинде
Касаба, түмөн жан келди.
Оройгон тоонун урчуктан,
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды көргөндө
Абакеңден жан чыгат.
Оргуган чаңды карасаң
Алгаранын чаңы экен,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети
Коңурбай өңдүү жан экен.
Жер мунарып, тоз болуп,
Жетимиш Бээжин козголуп,
Уруучу Кудай урган бейм,
Алөөкөнүн Коңурбай
Кастарын тигип калган бейм,
Калдайын айдап алган бейм,
Кыргынды кызык салган бейм,
Кытайын айдап алган бейм!
Кандай заман, кандай күн
Балдар, болор экен кандай түн?
Оргуган чаңды карасам,
Эл аманын санасам,
Коңурбайдын өзү экен,
Карарган кара көзү экен.
Кечүүгө Калча конуптур,
Кезигер чагың болуптур.
Жолго Калча конуптур,
Жолугар кезиң болуптур.

www.bizdin.kg



Кытай түмөн улуу журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Кайнаган кытай калкы бар,
Кармашканды жөн койбой,
Кармап алчу салты бар.
Өткөрө балдар, кебимди ук,
Өлүмдөн кайра тартпагын,
Ажалдан бирөөң кайтпагын.
Айза кармап, топ бузуп,
Дагдыр жетсе окко учуп,
Түгөнгөн Калча манжуура,
Кечилдин каны доңузга,
Түз кирип айза сунуп бер,
Кадырлуу Манас арбагы
Кыр-кырыңан колдосо
Кытайга кыргын кылып бер.
Бура тартып жалтанбай,
Туу түбүнө туруп бер.
Ачуусу жаман Калчанын
Бир айласын кылып бер.
Кандуу канга калышып,
Качпай туруп салышып,
Кыябын тапсаң Калчанын
Кылычтап башын алып бер,
Кыргынды кызык салып бер.
Алмамбет уулу Күлчором,
Арыслан элең, шер элең,
Атайы медер бир кылган
Ардактаган эр элең.
Каптап келген калың кол,
Урушар кезиң ушу жол.
Албан түрлүү колуна,
Белгилүү Калча жолуна
Бет алышып турушуп,
Бек кармап айза сунуп бер.
Каары кыйын калчадан
Бир айланы кылып бер» –
Деп, өшөнтүп, муну айтып,
Алмамбет уулу Чорону
Каалап эрлер турду эле,
Каалаганда Күлчоро
Кабагын түйүп, кылт этпей,
Камсыгып коркуп, былк этпей,
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Ач арсландай чамынып,
Жоо дегенде камынып,
Сулуулугу сумбаты,
Артык экен кымбаты.
Беттешкенге айза урса
Алчу сыны бар экен,
Бегирээк бейпай, үлкөн чуу
Салчу сыны бар экен.
Кайраты мык эрениң,
Жоо бөрүсү берениң,
Жоо дегенде сүйүнүп,
Ок өтпөс тонду кийинип,
Кынсыз кылыч байланып,
Каарланып жаланып,
Касам жесе көөнүм деп,
Күлчоро минтип турганда,
Абакеси Семетей
Алапайын таба албай,
«Кагыштан балам кантер – деп,
Кыяматтык мүшкүлдү
Кыжылдаган кытайдан
Көрүп алар бекен – деп,
Кара курттай калкынан,
Кан Коңурбай баатырдан,
Кармаштын жөнүн биле элек,
Өлүп алар бекен – деп.
Кагышып кайра кайрылсам,
Караан кылган Чородон
Азабын тартып айрылсам
Күн эмине болор?» – деп,
Акылы ала-чала эле,
Алышып жоого көп тийип,
Акырда адис болбогон

www.bizdin.kg



Эңгил-деңгил бала эле.
Бөлөкчө бөлүп бүгүн түн,
Бөксөлүү кытай, манжуурга
Балалык кылып бул чором,
Бөлдүрүп ийсе каран күн,
Жанга өлчөлүү тулпарды,
Жаш бала минип баратат,
Атам Манас арбагы,
Бир өзүңө аманат!
Ойноочу кытай эл эмес,
Ойной турган жер эмес» –
Деп, өшөнтүп, Семетей,
Капа болуп тура албай,
Кайгырып ыйлап турду эле.
«Баладан башка бул жерде
Эзелим жалгыз курган жан,
Бекип жаткан белим жок,
Бел байлаган бул жерде,
Белгилүү кыргыз элим жок.
Каарын төксө көп кытай
Качып кирчү токой жок,
Кара кылар огой жок.
Бекип жаткан белим жок,
Медер кылып отурган,
Баладан башка элим жок» –
Деп, өшөнтүп, Семетей,
Жети жылы туу калган,
Жеткилең күлүк тору бээ,
Жылкыдан кармай калды эле,
Көкүлү менен кулагын,
Кошо кармап зор неме
Жыкпай туруп ал бээни
Белгилүү Манас көкжалдан
Белекке калган зор неме
Жыкпай туруп ал бээни
Ай туякка чалды эле.
Козголбой кармап кайран эр,
Башын кесип алды эле.
Асмандан түшкөн боз кисе
Атасы Манас муразы,
Мойнуна алып салынып,
Кайгырып Чоро балага
Семетей турду жалынып.
Дубакер Бакай абасы
«Оомийин!» – деп, кол жайып,
Балага бата берди эле.
Бала экенин көрдү эле,
Серпишкен жоого киргенде
Айласы канча болот – деп,
Манастын уулу Семетей
Көбүрөөк кейий берди эле.
Анда Чоро муну айтат,
Адам билгис шумду айтат:
«Кокуй абам, не дейсиң,
Кайгы төлөө болобу,
Кара кытай, манжуу журт,
Качпай туруп салышпай,
Кайгырып турган оңобу?
Кейибе, аба, балаңа,
Мен өңдөнгөн баланын
Нечени сизге садага!
Чалышарым Коңурбай
Зордугу тоонун теңиндей,
Ажал жетип, күн бүтүп,
Өлүп калсам Калчадан
Алып кеткин сөөгүмдү
Бу кытайга таштабай.
Күрөшүп жатып мен өлсөм,
Таянганың темирдей,
Алмамбет уулу Күлчоро
Казасы жетип Какандан
Көмүлбөй калды дедирбей.
Эл тепсеген чоң талаа
Чөлдө калды дедирбей,
Ээр белдей оркойгон
Белде калды дедирбей.
Белимден кармап бүктөп кет,
Суркоенго жүктөп кет.

www.bizdin.kg



Мазарлуу жерге кезиксең,
Мингеним атап союп кет!
Кемелине келбестен,
Кейиштүү уулум өлдү – деп,
Кайра келбес чын жайды
Кайран бала көрдү – деп,
Белгилүү жерге коюп кет.
Беш аркар жылдыз баткыча
Беш кайра жолу эмизген
Берен энем Каныкей
Ак сүтүнөн кечсин – деп,
Ким ыраазы мунуңа
Аба, кейибе жолдош уулуңа.
Күн түгөнүп, суу бүтсө,
Жазайыл балаа көрөрбүз.
Атакем Манас колдосо,
Арышты Кудай оңдосо,
Кара курттай капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Кыязын тапсам Калчаны
Кызыл кылып беремин,
Жайлап салсам Калчаны
Бу сөзүмө көнөгөр,
Эч болбосо аргындын
Кандыгын мага бере көр.
Кул деген атым жоголсун,
Курама башым оңолсун.
Телмирген атым жоголсун,
Тең болуп атым оңолсун.
Ким ыраазы мунуңа,
Кейибе мендей уулуңа.
Мага кейип туруучу
Таласка курган багың жок,
Талтайып жаткан чагың жок.
Кең-Колго курган багың жок,
Керилип жатчу чагың жок.
Кайгыланса бу башка
Кадыр түн өңдүү түн барбы,
Бүтүн кундуз терисин
Жарты тилип алышып,
Багалекке салышып,
Баягыдай күн барбы?
Кең-Колго курган багың жок
Керишериң көп кытай
Кейий турган чагың жок.
Таласка курган багың жок,
Кармашарың каканчын,
Кайгыра турган чагың жок.
Аба, көкжал не дейсиң,
Ажалдуу киши өлбөйбү,
Ар бүлүк башка жазганын,
Мендеси чыдап көрбөйбү!
Киргизбейби казган көр,
Дагдыр жетип, күн бүтсө,
Ушунчалык ааламды
Жоготууучу кара жер,
Кокуй, аба, кейибе,
Өлүп калган кезимде
Шарданга жүрчү бир элем,
Өлбөй тирүү жүргөндө
Алмамбет кандын уулу элем.
Өткөрө кейип тургандай,
Убайды мынча кылгыдай,
Көкжал аба, кебимди ук,
Көбүрөөк кейип тургандай,
Белин бекем буушкан,
Өзүң менен туушкан,
А дүйнө кеткен шер Манас
Чын белинен сызышкан
Берен энең Каныкей
Жатынын тээп чыгышкан
Качан Манас уулу элем?
Какандан качып жат болгон
Кайран Алмаң уулу элем.
Кезиктик жоого талаада
Кейибе мендей балага.
Кудай билет тартышты,
Кудай билет Калчадан

www.bizdin.kg



Өлбөй тирүү кайтышты.
Кел, абаке, колуң – деп,
Буруп кой бери мойнуң – деп,
Абасы көкжал төрөгө
Эркеси бар эр жинди
Жакасына кол салып,
Жанагы төрө көкжалдын
Бүчүсүн үзүп алды эми.
Чоң талаадай төшүнөн
Коркурата кор жыттап,
Кур дегизе бек жыттап,
Кармаштан кайра келгенче,
Ак дыдар жүзүн көргүчө,
Аман болгун» – деп, жыттап.
Деп, өшөнтүп, Күлчоро
Кара жаак ак камчы
Кармай калып имерип,
Булуттай уччу Суркоен
Бучкакка тартып жиберип,
Белеске чыкты бөлүнүп,
Берендик жайы көрүнүп,
Адырды көздөй бөлүнүп,
Арысландык түрү көрүнүп.
Чыңдашчу жоосу Чынмачын,
Басташары Бакбурчун,
Кармашары Каканчын,
Кагышары Коңурбай.
Карал-Дөбө, таш майдан
Кагышка чыга калганда
Баланы Кудай сакта – деп,
Бабасы Бакай кары ыйлап.
Көргөн жандын баары ыйлап,
Асмандан булут бүркөлүп,
Бала эмине болор – деп,
Семетейдин башына
Алтымыш мүшкүл бир келип.
Санаасы сайлап бөлүнүп,
Салышаары Коңурбай
Опол-Тоодой көрүнүп.
Чыңдашары Карагул
Чоңдугу тоонун теңиндей
Каарлуу эри Коңурбай
Кагыша келип Күлчоро
Талаада өлдү дедирбей,
Баланы Кудай сакта – деп,
Семетей турду муну айтып,
Мына ошондо Күлчоро
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Көк арсландай чамынган,
Жоо дегенде камынган,
Ажалдан кайра тартпаган,
Өлүмдөн кайра кайтпаган.
Капчал толгон сел келсе
Какандын журту тең келсе
Өлүмдөн коркуп ойго албас,
Өткөрө эрен Күлчоро
Минген аты Сур болгон,
Атасы Алмамбетинен.
Айза сайып эр болгон.
Беттеп менде барбаган,
Кагышкан тирүү калбаган.
Күлчоро жайы ушундай,
Жоо жарагын сайынып,
Жоону көздөп камынып,
Суудай болгон Сур аттын
Тартып оозун бурду эле,
Кара-Мойнок таш кашат
Кагышка чыга турду эле.
Күлчоро жайы мына бул
Алмадай мойну узарып,
Өрттөнүп көзү кызарып,
Каарданып сумсайып,
Көк темир тонун курчанып
Оң далысы кең Чоро –
Ойротту бузчу шер Чоро.
Мына ошондо Күлчоро
Жекеге чыкса балбанга

www.bizdin.kg


Жеке ат коюп жетсем – деп
Түз жерден кытай көрүнсө
Түгөнүшө кетсем – деп.
Өөдө-төмөн карабай,
Өлүмдөн жанын аябай.
Кыдырата карабай,
Кыйын балбан Калчадан
Кылча жанын аябай.
Белеске чыгып белсенип,
Бет алчу жоо кайда – деп,
Бериургандай теңселип,
Мелтиреп карап турду эле.
Алмамбет уулу Чоронун
Толу бою топчулуу,
Толтойгон жүздүн баарысы
Жоого ылайык үпчүлүү.
Жосуну бөлөк көрүнүп,
Жолдоштордон бөлүнүп,
Майданга чыга барды эле
Күлчоро жайы мына бул
Муну мындай таштайлы,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Ошондон кабар баштайлы.
Коңурбайдын кырк төрө,
Кагышса салчу аңгеме.
Алты миң кытай, сан калдай
Ак сакалы Коңурбай.
Балбанынын баарысын,
Жашы менен карысын,
Баарын койбой чакырып.
Эр Коңурбай Калчанын
Өөдө чыкса өбөгү,
Ылдый түшсө жөлөгү,
Маңдайга чыкса барааны,
Баш күнүнөн Калчанын
Жанындагы карааны.
Койгулашка камдаган
Коңурбай кандын кырк төрө,
Каарланса какайып,
Атышка кирсе аңгеме.
Бээжинден чыккан чоң неме,
Кармашып жанды койбогон,
Кагышкан аман болбогон,
Бир камандын этине
Бир жегенде тойбогон,
Темирден аркан торчону,
Тептегиз канжарколчону
Балтага уста ыктуусу
Көй төрөнүн мыктуусу,
Коңурбайдын балбаны,
Адамдан артык санаасы,
Түгөнгүр жайы ушундай,
Түктүүкаман баласы.
Бу Бээжиндин дөөсү,
Согуштун чылгый ээси.
Муну тууп турганда
Тоюна токсон сойдурган,
Токушкерлен ат койгон.
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Көп адам келсе жегидей.
Кырк төрөнүн кымбаты,
Барчасынын баатыры,
Каалап чыкты согушка,
Токушкерлен баатырың.
Токушкер жайы ушундай,
Түлөгөн жору каштанып,
Түзү суук бул чочко,
Алгыр бүркүт баштанып.
Чоң өтүктүн таманы
Алты карыш сере экен,
Алышса жанды түк койбой
Кыргын кылчу эр экен,
Боз чамбыл тон кийгизген,
Боз тулпар качыр мингизген,
Бурутка бузук салам деп,
Аны да кошо жүргүзгөн.
Мына ошондо балбаны,

www.bizdin.kg



Качырга минип айза алып,
Кыны жок кылыч байланып,
Жекеге чыга калганы.
Мына ошондо Коңурбай
Күрмөчөсүн кийгизип,
Качырдан күлүк мингизип,
Коңурбайдын кырк төрө
Чубатууга салганы.
Коңурбай кармай калганы,
Токшукер жайы ушундай –
Жаткан иттей кашы бар,
Жан казандай башы бар.
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Алыша кетсе Чорону
Аты менен жегидей.
Булдүрүп жанды таштаган,
Каарланып муштаса
Төөнү жара муштаган.
Беттеп адам келбеген,
Беттешип киши жеңбеген.
Кайраты бийик, заары күч.
Катылганды кылат түз.
Үйдөй чокмор колго алган,
Салкын жайга жаткырган,
Кайнап жаткан Бээжинден
Кастарын тиккен элинен,
Кармашка күчтүү болсун деп,
Казынага бактырган.
Токушкерлен аты бар,
Бээжинден чыккан каркыбар,
Ай балтасын шайланып,
Очогор жаа, сыр жебе
Оң жагына байланып,
Шамал болчу булуттай,
Каары бетине айланып.
Кез болгон аман болбойт – деп,
Бет алган тирүү болбойт – деп,
Жоого ылайык камданган,
Балбанынан Коңурбай
Токушкерлен шайлаган.
Мына ошондо Токушкер
Мендеден бөлөк түрү бар,
Бет алганды жөн эле,
Чийкилей жечү жини бар.
Кааласаң анча баркы бар,
Жоо жагына шыйытып,
Келген экен каркыбар.
Тоодой болгон боз качыр,
Томукка салып кыйкырып,
Качырдын оозун бурду эле,
Эр Коңурбай Калчанын
Көп сөзүн угуп турду эле.
Ошондо Калча муну айтып,
Киши көргүс шумду айтып:
«Беттешсе айза суна көр,
Бектерин бейпай кыла көр,
Кагышты катуу сала көр,
Алмамбет уулу Чорону
Азыр байлап ала көр.
Керишти кенен ойлогун,
Кенедей жанын койбогун,
Кол-аягын байлап кел,
Кайрадан журтуң тапкын – деп,
Ал кан чычкыр баланы,
Бери карай айдап кел.
Турбай туна чөгүп ал,
Тирүү калбай өлүп ал.
Өлбөй тирүү сен келсең,
Өзү тийген бурутка
Киши көргүс мүшкүл сал».
Эр Коңурбай муну айтып,
«Кайгуулчусун кармап кел,
Төрөсү менен Чоросун,
Койбой бирин айдап кел!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Кырк төрөмдүн ыктуусу
Балбандардын мыктуусу,
Айзачандын эрени,

www.bizdin.kg



Акылман жандын берени,
Токушкерлен баргын деп,
Тобунан бөлүп жиберди.
Кырк төрөдөн аттанып
Көрсө көөдөн бөлүнүп,
Кыялы суук ал балбан
Опол-Тоодой көрүнүп,
Качырына камчы уруп,
Талаа-түздүн чоң майдан,
Таш кашаттуу кең сайдан,
Качыр менен элирип,
Кагышка чыга келди эле.
Опсуз узун айзасы
Тегиз экен айласы.
Толкуп өтсө бул кулга,
Тоо туруштук бергисиз,
Жүрөгү түшпөй мендеси,
Токтоп карап көргүсүз.
Кара белес таш майдан
Кагышка чыкты бакырып,
Эркек болсоң келгин – деп,
Карганың Бакай, Семетей,
Тобу менен кол салсаң,
Токтобой баарың өлдүң – деп.
Каарым келди какайдым,
Катылбай койбойм бириңе
Айзалап жанчып, баш алып,
Калайман салам түрүңө».
Токушкер турду күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп,
Жекеге чыккан балбанын,
Күлчоро көрүп алды эми:
«Тирүү болсом жыйган бар,
Бул кулдан өлсөм ыйман бар.
Атышты арбын салайын,
Жекеге чыккан зор менен
Бир кармашып калайын.
Чалышым Бээжин тушу эле –
Тилегеним ушу эле» –
Деп, өшөнтүп, Күлчоро,
Суркоенду бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Айза сунду бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Алмамбет уулу эр Чоро,
Шай колдогон шер Чоро,
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде балбанды,
Муштап келип өттү эле.
Киндиктин бер жак бети – деп,
Тая тийсе сыр найза
Өпкөсүнө жетсин – деп,
Өлчөп тиктеп айза алып,
Өткүр Чоро жетти эле,
Жеткен жерде балбанды,
Муштап келип өттү эле.
Кабагым-кашым деген жок,
Кагыштан балбан өлгөн жок.
Качырына камчы уруп,
Зың-зың этип кенебей,
Күлчоро сайган айзаны
Бучкагына теңебей.
Чындап сайса өлгөн жок,
Чымын катар көргөн жок.
Качырып сайса өлгөн жок
Караан сындуу көргөн жок.
Күлчоро кайра тарткыча,
Бала оңолуп кайткыча,
Качырына камчы уруп,
Каарлуу айза бек сунуп,
Бөксө менен бакырып,
Мөндүлөп ураан чакырып,
Таш майдандан бакырып,
Какандап ураан чакырып,
Карагайдай айзасы
Канчалык экен айласы.
Качырына камчы уруп,
Каарлуу айза бек сунуп,

www.bizdin.kg



Кайратынан капырдын,
Жер жарылып дүпүлдөп,
Жез найза сунуп күпүлдөп.
Жетип байлап алчудай,
Жекеге чыккан баланы
Жетип айза салды эле,
Зардеби тийип сыр найза
Токшукер салды чоң айла.
Аянбай айза сайганда
Каарды катуу баштады,
Кулан сындуу Сур аттан
Кулап кете таштады.
Эси кетип жоголуп,
Эңкейе түшүп оңолуп,
Кубаты кетип жоголуп,
Кулап барып оңолуп,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден арты бултайып,
Балбаны башка эр экен,
Каар салган Чорого
Камынып сайган кези экен.
Сайганынан шер Чоро
Балбанга кантип куласын,
Жез чырматкан айзасы
Быт-быт болуп кыйрады.
Балбан сайган барбаңдап
Жолу каткан чоң сайыш,
Жолум үйдөй ак була
Айзадан учуп калдаңдап,
Күүлөнүп балбан тийиптир
Күч менен айза урганда,
Бала тапан Чорону
Баатырлыгы мынчалык,
Сайган жерде качыры
Тизеден жерге орноду.
Качыры калкып тарткыча,
Эр Коңурбай алдына
Токшукерлен кайткыча
Кулду Кудай бергин – деп
Аркар сындуу Сур аттын
Тартып оозун бурду эле,
Бой токтотуп Күлчоро,
Балбанга айза сунду эле.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Жеткилең баатыр Күлчоро
Учу болот сыр найза,
Урушка мындай ылайык,
Алмамбет уулу Күлчоро
Айза сунду чунайып.
Күлүктүн оозун бурду эми
Күркүрөтүп айзаны
Токшукерге сунду эми.
Ал майдандын ортодон,
Жебеден мурун жетти эле.
Жеткен жерде балбанды
Калмак ээрдин кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Өпкө-боордун тушу – деп,
Өткөрө капыр болсо да,
Өлчү жери ушул – деп.
Алып айза урду эле.
Бу кызыкты ким билген,
Кан агызып, жан кыйып,
Кагышты кылар чоң дүрбөн.
Жетип муштап өткөндө
Качыр минген балбандын
Ээринен арт кетип,
Үзөнгүдөн бут кетип,
Качырды жалдан ала албай,
Кытайдын кысык үзөңгү
Кайра бутту сала албай,
Алеңгер болуп оолжуп,
А балбан минтип турду эле.
Оң жагында баланын
Окчонтой баштап аралаш
Алтындаган жан калта,
Асыл уста Бөлөкбай

www.bizdin.kg



Жоого ылайык шырыткан.
Оң колунда баланын,
Алтын жаак айбалта,
Теңиз экен Күлчоро
Теңселип балбан турганда
Эс жыйнатып тынчытпай,
Кырааның Чороң жетти эле,
Чыкчыттын быяк бети – деп,
Мыйлыктын ылдый чети – деп,
Тарсылдак таамай жери – деп,
Таамайлап балта шилтесем,
Кутурган кулду жедим – деп,
Айбалта колго алды эле,
Ачкан көздү жумбастан,
Аянып карап турбастан,
Алтын жаак айбалта
Ашкере кармап имерди,
Козголбогон шер чоро
Тоодой болгон желмогуз,
Качаарында дыркырап,
Кош колдоп тартып жиберди.
Көк темирден тувулга,
Быт-быт болуп чыркырап,
Көк жалындап буркурап,
Айбалта жаман жетти эле,
Чык-чык тарсылдагына
Айбалта катуу өттү эле.
Кайран катын Каныкей
Кагышка барган зар ыйлап,
Чуулгандуу согушка
Атайы барган арынап,
Алмамбеттин жойкума
Серпсе күчү сексен төрт,
Каран калган жыластын,
Шилтеген жагы күйгөн өрт.
Кысталыш жанга күч келсе,
Чын мураапы жолдошу,
Чындаган жоого келгенде
Чымындай жандын жолдошу.
Кыйкырып кындан чыгарса,
Кан ичпей куру жүрбөгөн.
Канга мыкты тойбосо,
Кайта кынга кирбеген.
Алты болот курч эле,
Зайыпуруш жерлерге
Ылайыктуу мүлк эле.
Атасы Алмамдан калган өткүр курч,
Аманат жанга артык мүлк
Кынынан суурup алды эми.
Кылчайбастан эр Чоро
Айры шили түбү деп,
Ойкума менен салды эле.
Көөдөнү бар, башы жок,
Боз качырдын үстүнөн
Болумдуу балбан Токушкер
Кулап жатып калды эле.
Токушкердин өлгөнүн
Тоодой Калча көрдү эле.
Көргөн жерде Коңурбай,
Балбандарын бакырып,
Сан калдайын чакырып.
Өкүрүгү баш жарып,
Кызыталак Калчанын
Кыйкырыгы таш жарып,
Каарды катуу баштады.
Алты миң кытай, сан калдай
Мунун баарын Коңурбай
Кутургур жайы ушундай
Кырып ие таштады.
Манжууларга башка айтып,
Башкача тишин кашкайтып,
Өрттөй кайнап, көз жайнап
Өткөрө экен Коңурбай,
Кан ичмеси чын кармап.
Айзакерден ыктууң чык,
Айласы толук мыктың чык!
Айзаң артык курчтууң чык,
Айла тапкыч мыктың чык.

www.bizdin.kg



Казыналык чоң балбан,
Токушкер өлдү дегени,
Жибек, манжуу каның өл,
Кез болгон балбан баарың өл!»
Баары балбан биригип,
Токушкердей эр элең,
Токушкер өлдү баладан,
Бузулган экен көргөн түш,
Кыжылдаган кытай журт,
Кылымда барбы ушул иш!
Жекеме-жеке чоң майдан,
Жекеге чыкчу бу сайга
Жаманың калып, ириң чык,
Айзакерден абыдан,
Атаңдын көрү кырк төрө,
Кайрылгыс башка түн түштү,
Кармаштан өлүп чоң балбан
Карасаң мүшкүл күн түштү.
Мен Коңурбай болгону,
Кан атагын алганы,
Кылымга кыргын салганы,
Жолдошунан айрылып,
Жолдо Калча калбаган.
Жортолмондор, эрендер,
Жолуккан аман калбаган.
Алтымыш жайсаң, кырк төрө,
Айтканым ушул билип ал,
Ал, балбандар, тилимди ал.
Айкырыгың таш жарып,
Аралаш айза сунуңар,
Бул канкордун тукумун
Бирөөн койбой кырыңар.
Өчпөдү Манас кан аты,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өрттөнгөн Манас адаты.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн түтөп күчөгөн,
Түгөнгүрдүн адаты.
Кайран жан мындан кысылган,
Кармаштын жөнү ушундан.
Күчөгөн экен бурут журт,
Күчөнүп айза сунуңар,
Жалгыз бирин түк койбой,
Күчөтпөй кырып салыңар.
Жекеме-жеке жетимге
Жекеге чыга калыңар.
Жаманың калып, иштүүң бар,
Чабалың калып, күчтүүң бар.
Чоркогуң калып, ыктууң бар,
Чоң балбандан мыктың бар!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Каарды катуу баштады.
Калдайлардын төрөсү
Каарланып дүпүлдөп,
Жутуп ие таштады.
Алгаранын оозун
Буруп турат Коңурбай,
Ар барабан дүңкүлдөк,
Уруп турат Коңурбай.
Караса болбос каарлуу жин
Кылып турат Коңурбай.
Баш бадана ок өтпөс
Этегин кармап чойгулап,
Чоң Алгара күлүктү
Моюн түпкө койгулап,
Манжууларын бакырып,
Балбандарын чакырып,
Алтын жака күрмөчө
Жанындагы жолдошу
Санаты арбын бир канча.
Жер солкулдап титирейт,
Кечилдин каны кең өтүк
Келберсиген чоң төрө,
Балбанга салып аңгеме,
Караттын оозун бурду эле,
Катынын кара баскансып,
Казына булун чачкансып,
Куласын кууй качкансып,

www.bizdin.kg



Куржунда булун чачкансып,
Бура тартып булкунуп,
Ээликкенден эр Калча
Эсеби жок жулкунуп.
Айбалтасы жабдыгы
Оңтойлоп билек, жамбашта.
Тамеки салып бу чочко
Алтындаган чор башка.
Түтүн салып бакырып,
Түгөнгөн кара манжууну
Түк калтырбай чакырып,
Аянып Калча калбады,
Алөөкөнүн Коңурбай
Алышчуң бара койгун – деп,
Балбанга айта салганы.
Кызыл камчы Шыпшайдар,
Кыйын уулу Орокбаш
Айта турган кеби бар.
Атасын Манас өлтүргөн,
А балдарда балбандын
Аябаган кеги бар.
Балбан жайын сурасаң,
Башкача туулуп, ташка өскөн.
Мендеден бөлөк ал балбан,
Куланы издеп, башка өскөн.
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнгөн жанды соргудай.
Бука моюн, буура сан,
Булкушканды кууратkан.
Ач билектин булчуңу
Бууранын жоон белиндей.
Айзага даңгыл эң мыкты,
Коңурбайдын алдынан,
Кырк төрөнүн жанынан
Жекеге желип ал чыкты.
Жез баракел тон кийип,
Жел жетпес күлүк ат минип,
Кан карыпчы салынып,
Боз илеке жамынып,
Жоболоңдуу кысталак
Жоо дегенде камынып.
Эренден эпсиз неме экен,
Жыйырма алтыга илинип,
Ороктун жайын сурасаң
Жаңы келген кези экен.
Туурасы жоон, бою пас,
Жоругу бөлөк адамдан
Жолобой балбан ыраак кач.
Качырганы камандай,
Кыйкырыгы чочконун,
Кызыл мунар шамалдай.
Супалап тонду кийгизип,
Сур жээрдени мингизип,
Кеңири тонду кийгизип,
Кеңири тондун этегин
Кепкенен жерге тийгизип.
Салмагы бийик тоого окшоп,
Эки мурун таноосу
Талаага бүткөн коого окшоп,
Жылас болгон балбаны,
Жекеге чыга калганы.
Ал жекеге чыкканда
Кайраты муздак, каары күч,
Кармашканды кылат түз.
Айбаты артык, заары күч,
Ар менде көрсө ошону
Өлдүм деп жандан күдөр үз.
Ал жекеге чыкканда,
Көңүл чөгөт бөлүнүп,
Алмамбет уулу Күлчоро
Бала сындуу көрүнүп.
Бет алышып турушуп,
Бек кармап айза урушуп,
Бири-бирин эки эрен
Алыша албай турушуп,
Ал майдандын жээгинде
Күнү-түнү алты күн
Тынымы жок урушту.

www.bizdin.kg



Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп.
Адырга туруп калышып,
Туруп берип баатырлар,
Туурасынан сайышып,
Минтип туруп оңгон жок,
Айзадан ажал болгон жок.
Айзаны таштай салышып,
Айбалта менен чабышып,
Сабы колдо калышып,
Кыйын салыш болду эми.
Жабдыктан айла болбосо
Жакалашып алышып,
Каныкей берген ак тинте
Кез болгон жерге малышып,
Тулпардын буту бүгүлүп,
Тургандар жандан түңүлүп,
Жер арылып, чаң болуп,
Караган менде дал болуп,
Так өшөнтүп турду эле.
Алмамбет уулу Күлчоро
Каарланып камынып,
Кайгырганда балага
Кайыптан акыл табылып.
Көрүп турган адамдын
Кумары артык жазылып.
Сүрүшө кеткен кара жер
Кемеге болуп казылып.
Асманга топо чачылып,
Токтолушпай турушту,
Толгон күн минтип урушту.
Чымчык учпас кең сайдан,
Жоо кутулбас айзадан,
Эр кутулбас баладан.
Алмамбет уулу Күлчоро
Кыйкырганда бөлүнүп,
Кыйраган кытай көзүнө
Кырк миң колдой көрүнүп.
Бадана кийсе бөлүнүп,
Байкаганга бадырек
Башкача түрдүү көрүнүп.
Бөлөкбай кылган сыр найза
Караңгыда сунганда,
Жоого каршы урганда,
Чычаладай көрүнгөн.
Чымырканып муштаса,
Жолу болгон карандын
Учунан каны төгүлгөн.
Ошол кылган сыр найза
Ондоп кармап калды эми,
Астында тулпар Суркоен
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Айза имерип сунганда
Шыпшайдар уулу Орокко
Бет алышып турганда,
Орокко айза сунганда
Теги жанын аябай,
Кыйкырып айза сунганда,
Күлчоро жайы ушундай,
Беттешип менде барбаган,
Бет алып душман качырып,
Эгерде жеңип албаган.
Айбаттуу азар салбаган,
Урушка тууган чунакка
Укуруk кайрар калбаган.
Телегейи тең эле,
Шай колдогон шер эле.
Айласы толук, заары күч,
Баатыр Алмаң көкжалдан
Өзүндөй тууган эр эле.
Жайнаган кызыл чок эле,
Адамдан бөлөк шок эле,
Жети сан колго кол салган
Болоттон аткан ок эле.
Кулак угуп, көз көргөн
Жаратылган мендеден

www.bizdin.kg



Бул өңдүү бала жок эле.
Белге чыга келгенде
Берендин жайын сурасаң
Бекитип айза колго алып,
Балбанды көздөп турганда
Бар күчүн камдап бадырек
Кыйкырып айза сунганда
Жер термелтип дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп
Айыкпаган бир үлкөн
Ач айкырык чуу болуп.
Тепсеп кытай кетет – деп,
Тегерегин карабай
Теги жанын аябай.
Кызылдап кытай кетет – деп,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Суркоенго камчы уруп,
Орокко Чоро жетти эми.
Куюлушкан себилдин,
Курчап койгон темирдин
Ачык турган жери – деп,
Ушерге сайсам кулунду
Ажалдан мурун жедим – деп.
Бала тапан Күлчоро
Байкаган экен өлчөөнү.
Жебеден мурун жетти эле,
Омуроого Орокту
Жетип муштап өттү эле,
Эки түгөй боконо
Кыйрап чыгып кетти эми.
Карасаң жүрөк, жан өпкө
Жара берип кетти эми.
Адабе тили байланып
Ат үстүнөн ал Орок
Учуп кетти күркүрөп.
Көк жорудай айланып,
Орок аттан түшкөндө
Алты миң кытай, сан калдай,
Ак сакалы Коңурбай
Айлакерден абыдан
Араң алды доңуз ай.
Балбандарды бакырып,
Алты миң кытай, сан калдай
Таптакыр койбой баланы
Каптагын – деп, чакырып.
Шуру отогот, маржан таш,
Коңурбайдын жанында
Дуң-дуңдун каны аралаш.
Таштуу Калча каны бар,
Бу Калчанын жанында
Балбанынын баары бар.
Балбанын жыйып бакырып,
Баатырларын чакырып,
Жүрүшүнөн чаң чыгып,
Кызыталак Калчанын
Добушунан жан чыгып.
Каарды Калча баштады,
Катуу шашып балбаны,
Кыйла мыкты карысы,
Кырк төрөнүн баарысы
Кызык болуп чуу туруп,
Кырылып кете таштады.
Коңурбай жайы ушундай,
Айза, кылыч, зоот алып,
Манжууларды шаштырып,
Куйругу, саяң, жалы аз,
Кулан кууса куткарбас,
Чөлгө чапса демикпес,
Ташка чапса желикпес,
Опол-Тоодой чоң Кара ат,
Оң-тетири бастырып,
Кырып салчу немедей
Кыйла жанын шаштырып.
Айбаттанып кан Калча
Алгара оозун бурду эле,
Балбандарын бакырып,
Тегеректеп кол сал – деп,

www.bizdin.kg



Баатырларын чакырып,
Манжуусун айдап шаштырып,
Ойдологон Каратка
Оюлтуп жерди каздырып.
Алтын айлуу сыр канжа
Абаңдын жайын сурасаң,
Алачыктай чоң Калча.
Манжуусун жыйып алыптыр,
Чоң өтүк бутта чойкоюп,
Чогултуп манжуу солоңго
Чоң дүмөктү салыптыр.
Жекеге келген Күлчоро
Жеткилең кыйын эр экен.
Жети капка Бээжинди
Жеке кырчу эр экен.
Чогуу каптап калбасаң,
Өрттөнгүрдүн тукумун
Тындым кылып салбасаң,
Калың казат орунду,
Кагышып бузат колуңду.
Тобуңду чечип талкалап,
Бу бала салат сонунду.
Телегейи тең экен,
Атасы качкын Алмамбет
Артылта тууган неме экен.
Азыр  журтум, кебимди ук,
Өзөндүү жерге чаң салган,
Тиктегенге кан салган
Камбыл да экен, шер да экен,
Кайраты толук баланы
Кармашып менде жеңе албас,
Кара көкжал неме экен.
Айда, журтум, каптап кет,
Бүтүн жерин түк койбой,
Жерге басып таптап кет.
Чабышып алың келбесе,
Туубай туна чөгүп ал,
Туура кытай, көп манжуу,
Бирөөң калбай өлүп ал.
Чылгый бала Чоронун
Чын кыргындын ээси экен,
Чын Семетей дөөсү экен.
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча.
Өлбөсө кытай көрөрсүң,
Асыл Алмамбетиңдин
Артында калып туулган,
Аман болсо Бээжинге
Аябай салат чуулган.
Бөксөдө тыргоот айлыңды,
Бөлүп кетет шаарыңды.
Жетиктирбей, чоңойтпой,
Жетимги дүмөк салалы,
Жеткизбей байлап алалы.
Алты миң кытай, сан калдай,
Туш-туштан айза саялы,
Тургузбай байлап алалы,
Асмандан мунар бөлүнбөйт,
Атышын арбын күчөтсө
Жан койчу арам көрүнбөйт.
Алың жетпей баратса,
Балбаным, чогуу баарың өл.
Таш сайынган тазаң өл,
Күрмө кийген күчтүүң өл.
Ойдо, журтум, өлгүлө,
Кыраандын уулу чунакты
Тегеректей бериңер,
Чалманы чактап салыңар,
Жакындап аттан түшүрүп,
Тирүү кармап алыңар.
Айдагын, журтум, айда – деп,
Денеде болсо миң жаны,
Койбой жанчып өткүлө,
Тегеректей калгыла,
Темселетип баланы,
Тирүү кармай салгыла.
Кырк аркан бою чоң зындан
Кылыгы мындай баланы

www.bizdin.kg



Тирүүлөй барып салгыла.
Какандаган карандан
Капкайда кекти алгыла.
Өңгө айза сунгула,
Өрт өчкөндөй кылгыла.
Туш-туштан каптап өткүлө,
Бу сөзүмө көнгүлө.
Акылга көнбөс кан болсоң
Таптакыр менден өлгүлө.»
Деп, ошондо, Коңурбай
Кериней-сурнай тарттырып,
«Керикке жүктү арткыла,
Акырда бизди оң кылбайт,
Азели бизди соо кылбайт.
Чуулгандуу капырың
Кайрылып тийип, малды алат,
Кармаша жүргөн кытай – деп
Каныңарга кол салат.
Капкандын оозун чоң кылат,
Кызыталак бул жетим
Таштуңдун башын кан кылат».
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Кайраты толук кепти айтып,
Каптап кет – деп, кеп айтып
Коңурбай кеби чекиби,
Коңурбай кеби эки – деп,
Баш булгаар журттун бетиби,
Коңурбай кепти салды эми,
Согушка урчу добулбас,
Үнүн уксаң ыраак кач.
Айланыш жоону үч кулач,
Бил терисин каптаган,
Үнүн уксаң оолак кач.
Өзү билдин териси,
Жоого какса заңгырап,
Көчүп кетет жөн эле,
Бут Бээжиндин керүүсү.
Жоо бет алып каптаса,
Жолуң болгон Калчанын,
Камынса чабат балбаны.
Таң, билбейбиз, чын болсо,
Анча-мынча тамдардын
Кулап чыгат дал-далы.
Добулбас катуу кагылды,
Кара жакал Тагылык
Көй төрөнүн баары улук.
Айза сунуп айкырып,
Бет алганда буларың
Бээжин деп, ураан чакырып.
Жер бузулуп сөгүлүп,
Муну көрүп чыдабай
Алды менен Коңурбай,
Ала-Тоодой көрүнүп.
Өзүнөн өзү сөгүнүп,
Коңурбай түрү момундай
Токтонуп адам көргүсүз,
Толкуп кеткен Калчага
Тоо туруштук бергисиз.
Кечилдин каны доңуздун,
Жүрүп Калча кайрылып,
Кыйкырса жүрөк айрылып,
Каарды катуу салыптыр,
Алты миң кытай, сан калдай
Ак сакалы Коңурбай,
Оңжондогон чоң Карат
Куландай кулак жапыртып,
Кутургур жайы ушундай,
Куюндай жерди сапыртып.
Басканын аңдай уратып,
Алөөкөнүн Коңурбай
Көк ала сакал чоң манжуу
Асмандатып чуратып,
Коңурбай үнун укканда
Токтонуп менде калбаптыр,
Толуп жаткан манжуусун
Талкандай чалып айдаптыр.
Кыжылдаган кытайлар
Кыйкырып айза сунуптур,

www.bizdin.kg



Кымбаттуу эри Коңурбай,
Көрчү болсоң түрү бул
Ок өтпөгөн көк күбө
Этеги жайы бек күбө,
Көк күбө тонду жамынып,
Көрсөң мындай Коңурбай
Көк жолборстой чамынып.
Көөхардан топчу муштумдай,
Көрсөң түрү ушундай.
Кайратына Калчанын
Кайран жан чыдап тура албай.
Каарланып бакырса,
Жер айрылып бүлкүлдөп,
Кайратынан Калчанын
Тоо бузулуп бүлкүлдөп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Чамынганда Коңурбай
Көк ирим муздай көрүнүп,
Баланы көздөй бет алып,
Баарысы балбан кырк калдай
Баланы көздөй бет алып.
Кымбаттуу эри коң төрө
Кылымды билген чоң төрө,
Кылганы элге оң төрө.
Камбыл тууган Калча кул
Качырып айза сунганы,
Аламан каптап, ат койду,
Чабуулду Калча бат койду.
Айзачаны бетинде
Арысландары четинде,
Кылычтары бетинде,
Кыйындары четинде
Коңурбай түрүн көргөндө
Тирүүмүн деп калайык
Тим эле өзү жутуңуз
Коңурбайдын жанынан
Канаттуу карга кутулгуз.
Күркүрөп аккан селди көр,
Күүлөнгөн Калча эрди көр.
Каарлап добуш салганда
Капчыгай добуш бергисиз,
Кызыталак Калчаны
Кармашып менде жеңгисиз.
Ок өтпөгөн тону бар,
Ок жетпей турган аты бар.
Катылса жанды буй кылган,
Кайраты толук каркыбар.
Эрендиги, шерлиги
Ай-ааламда такыр жок
Коңурбайдын эрдиги
Алтымыш кытай, сан калдай,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Жазайыл уруп, кол каптап,
Аз гана эмес, мол каптап,
Айзанын башы тийишип,
Адамдын башы сүрүшүп,
Кылычтын учу кылкылдап,
Эрендин башы былкылдап,
Эпсиз каптап өттү эми.
Картайган Бакай абаңа
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көрүп туруп эр Бакай
Көзүнүн жашы он талаа.
Санаа кетип бөлүнүп,
Карыганда Бакайдан
Кан аралаш ысык жаш
Сай-сайлап беттен төгүлүп.
Дагдырым жетсе өлөйүн,
Өлбөй калсам мен Бакай
Каралдым жалгыз Чорого
Караан болуп берейин.
Айзалашып топ бузуп,
Ажалым жетсе мен Бакай
Бул Какандан окко учуп,
Жазайыл тийсе өлөйүн,
Кысталак жанды берейин'.
Курмандык кылып канымды

www.bizdin.kg



Күлчором үчүн төгөйүн.
Каргайганда кан аяп,
Кай муразга жетейин.
Сакалым куудай агында,
Сапарым чукул барында
Алөөкөнүн Коңурбай
Муну менен мен өзүм
Бир беттешип кетейин.
Күрөштү күчтүү салайын,
Күрсүйгөн Калча кул менен
Күрсүлдөшүп калайын.
Алышты арбын салайын,
Алөөкөнүн Коңурбай
Бир айгышып калайын.
Деген сөзгө көнөйүн,
Азапты арбын салайын,
Айланайын жетимди
Ажыратып калайын.
Чай алуучу Кара-Тоо,
Бакай ашкан тоо эле
Алөөкөнүн Коңурбай
Ала жүргөн кол эле.
Тоорулга чыгып салышып,
Тобокел деп бакырып,
Тополоң чаңга калышып,
Токтоно албай зор Бакай,
Кузгундай көзүн кызартып,
Асыл Бакай абаңыз,
Куу сакалын чубалтып.
Көк чолок оңдоп токунуп,
Күлчородон чочунуп,
Кайгырбаган шер эле,
Жоо адисин көп билбеген неме эле.
Чорону Кудай сактай көр»,
Деп, өшөнтүп, зор Бакай,
Астындагы Көк чолок,
Көмөлдүрүк узартып,
Куюшканын кыскартып,
Чагы менен карандын
Чап олоңун бек тартып,
Көк ала калкан колго алып,
Көк найза сунуп колго алып,
Карган менен Бакайдын,
Астында Чолок малы бар,
Бир жолу эмес, эр Бакай
Беш казаттык алы бар.
Айтылуу Бакай абаң шер
Күлчоронун айынан
Талкалашып манжууга
Тамаша салган ошол жер.
Тегиз Бакай абасы,
Бакай кандын шердигин
Картайса дагы карачы.
Жетик Бакай абакең,
Жекейне белге курчанып,
Жер жайнаган кытайга
Жеке кирип кол салып,
Ак кисе белге курчанып,
Азар түмөн кытайга
Карыса да эр Бакай
Кай кылыгын айталы.
Мына ошондо зор Бакай
Жолборс Бакай абакең,
Жонок менен күркүрөп,
Көк чолок менен ойнотуп,
Кез келгенди сойлотуп,
Эл бөрүсү абакең
Эңкейиште эр сайып,
Кез келгенде абакең
Кытайлардын балбанын
Экөөн бирдей тең сайып.
Айзакерден абыдан
Даңгыл Бакай эмеспи,
Жоонун түрүн бүт билген,
Камбыл Бакай эмеспи.
Абасы Бакай султан эр,
Алкым менен бакырып,
Алты миң кытай, калдайды

www.bizdin.kg



Айдап жүрөт сапырып.
Ал аңгыча болгон жок,
Ай касаба, кызыл туу,
Айкырып чыккан ызы-чуу,
Бөксө жагын карасаң,
Чоң Буурул менен барбайып,
Атасы Манас айкөлдүн
Дал өзүндөй дардайып,
Касиеттүү боз кисе
Кыйкырып белге чалыптыр,
Манастан калган Аколпок
Үстүнөн баса кийиптир.
Айгайы кулак тундуруп,
Айгайлаган кагышка
Семетей кирип калыптыр.
Серпишкен балбан сексен төрт,
Серпишкен жагы кызыл өрт.
Оңкондотуп Буурулду
Жоо ичинде ойнотуп,
Бет алганда берениң
Беш-алтыдан сойлотуп.
Тегерегин карабай,
Жоо бөрүсү эр Семең
Теги эле жанын аябай.
Ким көргөн мындай жумушту,
Ай далаада Коңурбай
Жекеге чыгып турушту,
Жекелеп өзү урушту.
Семетей кыргын салды эле,
Адырдан Күлчоро кирип калды эле.
Жетип уруш салганда,
Жер тумандап чаң болуп,
Азар түмөн кол болуп.
Аз гана эмес, мол болуп,
Кара-Колду бакалап,
Кара-Тоону жакалап,
Жер жарылган чуу болуп,
Желигишип турушуп,
Жети күн тынбай урушуп.
Каалаca болот кай арман,
Кыраандарың барында
Каканга салган чоң жаңжал.
Айкырып айза сунушуп,
Айгышып кыйла урушуп,
Чаткалын тозуп калышып,
Чапчышып уруш салышып,
Алөөкөнүн Коңурбай
Түбүнөн качкы доңузуң,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Семетей, Бакай көргөндө
Айласын таппай шашыптыр,
Бөрү ашпаган бел менен,
Бөлөк жан көрбөс жер менен,
Кыябы кымбат бел менен,
Кырк күнчүлүк чөл менен,
Чапчышып чама жетпейт – деп,
Семетейдин чоң Буурул
Мындан эч жылкы качып
кетпейт – деп.
Адыр-күдүр бел менен,
Жан жүрбөгөн бел менен,
Көк ала сакал чоң манжуу
Көргөн жерде шашыптыр,
Көрүнбөстөн Коңурбай
Бээжинди көздөй качыптыр.
Орто жолго барганда,
Алөөкөнүн Коңурбай,
Айласы кыйын доңуз ай,
Күн бузултуп, түн кылып,
Күндү жайлап калтырып,
Бөксөгө мөндүр жаадырып,
Жакага жамгыр куйдуруп,
Колоттон туман табылып,
Асмандан булут жабылып,
Жөө туман түшүп жер үстү
Түк көрүнбөй кыбырлап,
Асмандан чогуу куюлуп,

www.bizdin.kg



Алты сай мөндүр шыбыргак,
Жер бөлүнүп зыркырап,
Жети жактан жел болуп,
Жөө туман түшүп чуркурап.
Караса көзгө илинбей,
Алөөкөнүн Коңурбай
Кайда экени билинбей.
Көктөн булут тутулуп,
Көрүнөө качып кутулуп.
Караса көзгө илинбей,
Амалы жетик эр Калча
Кайда экени билинбей.
Алты миң кытай, сан калдай
Калчадан калган калың кол
Эр Семетей, Күлчоро
Ортосуна алыптыр.
Кое бербей бир жанды
Кордукту койдой салыптыр.
Коңурбайдын бул колу
Караан кылган Калча жок,
Баатырлардан канча жок.
Чапчыша турган чама жок,
Алыша турган айла жок.
Алапайын таба албай,
Шашып жүргөн мындан көп.
Айзаларын түшүрүп,
Качып жүргөн андан көп.
Эчен күлүк тулпар ат
Куюшканы үзүлүп,
Ээри кетип мойнуна
Үстүндө минген ээси жок,
Басып жүргөн андан көп.
Кээ бирөөсү бир жайда
Токтоп жүргөн андан көп.
Карааны тийбей Коңурбай,
Качып өзү кетти – деп,
Боктоп жүргөн мындан көп.
Эчен күлүк качырдын
Ээри түшүп бооруна
Коштоп жүргөн мындан көп.
«Эсил кайран боорум» – деп,
Боздоп жүргөн андан көп.
Алапайын таба албай,
Шашкан кытай дагы бар.
Семетей түрүн көргөндө
«Баатыр, эми кулдук!» – деп,
Келин болуп жүгүнүп,
Качкан кытай дагы бар.
Токтоп уруш кыла албай,
Бөлүнө качып тоз-тоздоп,
Булдүрүп салып жолдошун,
Нечен кыйын балдарын
Жалаң алып аттарын
Алгандар бар бош коштоп.
Кайгуулга чыгып оңуптур,
Нечен кытай, көп манжуу
Кара элечек болуптур.
Канкордун уулу Семетей
Каарданып бакырып,
Кара талдай кытайды
Кайра айдады сапырып.
Алапайын таба албай,
Анталаңдап көп кытай,
Бээжинди карай бет алып,
Качып чыгып келатат.
Арт жагынан эр Семең
Басып чыгып келатат.
Каарланып бакырып,
Каканга айдап сапырып,
Карысы Бакай каны бар.
Ажалдан кайра тартпоочу,
Өлүмдөн кайра кайтпоочу,
Эр Семетей дагы бар.
Азоо коштун ичинде
Семетейдин мурасы
Өөдө чыкса өбөгү,
Ылдыйга тартса жөлөгү,
Астына салса как жолу,

www.bizdin.kg



Айдап жүрсө сан колу
Көрсө төтүк көөнү ток,
Эр Семетей баатырга
Экөөнөн башка align="" тууган жок.
Күлчоро менен Канчоро
Каз айланбас тоо ошол.
Кайран жанга күч келсе,
Каран күн мүшкүл иш келсе,
Таянып чыкчу тоо ошол.
Эки бирдей эр Чоро,
Эки арсландай тең Чоро.
Белди бекем курчанган,
Каарланып сумсайган.
Айбаты артык көрүнгөн,
Араласа душманы
Алапайын таба албай,
Алда нече бөлүнгөн.
Жекене белге курчанган,
Кыргын десе сумсайган.
Кыйла түмөн кол келсе,
Кыйбат башка зор келсе,
Кызыл мөндүр ок келсе,
Кыйкырган мунар топ келсе,
Өлдүм дебей жөн эле
Өткөрө кирип жол салган.
Жер жайнаган кол келсе,
Аманат жанга зор келсе,
Аралап кирип кол салган.
Күлчоро менен Канчоро
Экөө кылдай тең чоро.
Ай-ааламды буй кылган
Айзакерлүү эр Чоро.
Калың кол качып кубалап,
Кыраандардын баарысы,
Кымбаттуу Бакай карысы,
Күрсүлдөгөн эрендер,
Күмүш көздүү, күн жүздүү
Манастын уулу Семетей
Канкордун уулу берендер,
Каршылашса бакырып,
Коңурбайдын түмөн кол,
Түк койбой айдап сапырып.
Орто жерин Семетей,
Оюп алган кези экен,
Маңдай жагын эр Бакай,
Көрсөң мындай баркы бар,
Көп жоо менен кармашып,
Манастан бери зор Бакай
Бул өндөнгөн кыргындын
Кыйласын көргөн каркыбар.
Сан колдон кайра тартпаган,
Салыштан кайра тартпаган,
Өзөндүү Кең-Кол, кең Талас
Жерим деп муну жайлаган.
Жер жарылган чуу келсе,
Бир башы сан кол айдаган.
Өкчөлүү өтүк, жаргак шым
Алтын калкан, кең далы
Абасы Бакай көкжалың
Алкым жагы сан калдай,
Кыргынды салып бир далай,
Өзү көргөн жол менен
Берени Манас барында
Бек талашып урушкан,
Бейпайлуу кытай кол менен.
Аралашып сайышып,
Атышты арбын салышып,
Көргөндө көөдөн бөлүнүп,
Каармандуу Бакайдын
Канкордун түрү көрүнүп.
Этек менен сакалы
Эндөөлөп артык чаң болуп,
Айбалта кылыч, жай-жарак
Керектүү Бакай карынын
Кызыл челек кан болуп,
Кагышкан жаны көп өлүп,
Бириндеп аппак сакалы
Кыпкызыл чаңга бөлөнүп,

www.bizdin.kg



Калдайды кууп сайганда
Баш-аягы көз жеткис
Мунарык тоону жөлөнүп.
Бакай кандын Көк чолок
Баштагы түрдөн айрылып,
Жал-куйругу такыр жок.
Карыса да Бакай кан
Абаңдан артык баатыр жок.
Астындагы мингени
Көкчолок атка конуптур,
Курган Бакай тулпары
Жаманатты болуптур.
Карыса да Көкчолок
Айкайлашкан урушта
Айбалта чапкан жумушта,
Сыр найзаны бет алса
Айбалтаны көтөрсө,
Кармашкан жоого бет алса,
Ал кагышта Көкчолок
Башын жерге салыптыр,
Башкача арыш алыптыр.
Мойнун жерге салыптыр,
Болжолсуз арыш алыптыр.
Желгенине жел жетпей,
Басканына мал жетпей,
Куландай чурап дыркырап,
Куюн жетпей каранга
Ошол күнү ээлигип,
Эти кызып алыптыр.
Маңдай жагын бабасы,
Олуят чалдын баласы,
Атасы Манас сырдашы
А дүйнө кеткен Манастын
Өлүм орток курдашы,
Маңдай жагын эр Бакай
Оюп алган кези экен.
Оң-тетири түшүрүп,
Союп алган кези экен.
Айзага жакын келгенин,
Айзалап сайып кулатып,
Андан жакын келгенин
Айбалталап уратып,
Алапайын таба албай,
Алты миң кытай, сан калдай
Шашып калган кези экен.
Калдайлардын баарысы
Антаңдашып дүркүрөп,
Семетей айдап күркүрөп,
Качып калган кези экен.
Орто жерин эр көкжал
Оюп алган кези экен.
Эки четин Күлчоро
Союп алган кези экен.
Коңурбайдан бөлөгү
Берендер арттан түшкөн соң,
Чынмачыны, Каканды
Кырылбай аман көрөлү,
Ат соорусун сайышып,
Анталаңдап дүрбөшүп,
Эрендин баары качышып.
Кыраандар кыргын салыптыр,
Кылчайбай айдап Бээжинге
Жакындап айдап барыптыр.
Тулпардан далай ат өлүп,
Кайрат кылам дегени
Бет алган жерде бат өлүп.
Манастын уулу Семетей,
Артыгы көкжал, ары шер,
Ичсе канга тойбогон,
Атасынан баласы
Кармашып жүргөн кайран эр
Башкы атасы Огойду
Огой кан кайдан оңолду.
Сомдук суусун бойлогон,
Согушкан адам сойлогон.
Беттешкен чыдап келбеген,
Менде азар салып көрбөгөн.
Түп атасы түгөл кан,

www.bizdin.kg



Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Огойдон тууган Каракан
Ал Каракан өлгөндө
Каракандын балдары
Байгур, Жакып, Улакан
Балдары болбой жаш калып,
Каптап кирип кытай журт,
Камчыга ченеп бөлгөндө
Тулумдууну туу кылган.
Туура мыкты кыргызды
Үйүнүн баарын бул кылып,
Эрендин баарын кул кылып,
Түгөнбөйт айтса кеби бар.
Кызыл көйнөк, айча бел
Кылпылдаган сулууну
Кытайлар кирип олжолоп,
Бөлүп кеткен чени бар.
Атасынан бабасы
Кара кытай, манжууда
Кармашар мынча кеби бар.
Алышпай эрлер жатабы,
Абалкы дартын сурасаң,
Атасынан, бабадан
Момундай экен чатагы.
Опол-Тоодой Буурулду
Оозун тартып ойнотуп,
Сан түмөндөй манжууну
Сапырып айдап сойлотуп,
Белди бекем бууган жер.
Бээжинде кытай, манжуудан,
Бек баатыры Калчадан
Манастын кунун кууган жер.
Кытай менен бусурман
Кырыштын жайы ушундан.
Азар түмөн Бээжинден
Айкөл Манас баш болуп,
Алыш кылган жеринен
Кербенчиден жан өлгөн,
Ушу турган Бээжинге
Атасы Манас баш болуп,
Кез болгон жандын баары өлгөн.
Музбурчак, Көкчө кан өлгөн,
Мурдагы мүшкүл Бээжинде
Кез болгон жандын баары өлгөн.
Баатыр Байгур, Үрбүсү
Бай баштаган ал өлгөн.
Атойнок менен Көкбөрү
Асыл Манас жөкөрү
Чоң кыргында бу да өлгөн.
Түгөнбөйт айтса кеби бар,
Түбүнөн бери Бээжинде
Түгөнүп калсын бу жорук
Өлүшчү мындай кеги бар.
Олуят уулу зор Бакай
Оюна салып балдарды,
Билбегенин билгизип,
Туйбаганын туйгузуп,
Айтып жүргөн кеби бар.
Ошол кекти алууга,
Бээжиндин каны Коңурбай
Бир беттешип калууга
Тилесе тилек кеч болуп,
Тиктешип кыргын салууга,
Капкайда кегин алууга
Айкайлаган ызы-чуу,
Айгайы дүмөк үлкөн дуу,
Ал Бээжинге салууга,
Кан бузулуп козголуп,
Эстеген убак кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп,
Ажал жетсе өлүүгө,
Дагдыр каза кууп келсе
Бул чымындай куу жанды
Чынмачынга, Каканга
Чымындай жанды кыюуга,
Чындаса алты ай салышып,
Бет алышып турууга,
Бейпайды бекем салууга,

www.bizdin.kg



Бээжинде чоң кан Коңурбай
Манастын кунун алууга,
Бет алышкан кези экен.
Ардай болгон Арбуурул
Даанышманды сабады.
Буурул ат жайын сурасаң,
Семетейдин канаты,
Кармашка кирсе күчөгөн
Бул кургурдун адаты.
Ал согушка киргенде
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Каран калган доңуздун
Омуроого чачылып.
Кайыптай сыны көрүнүп,
Кучак болгон куйругу
Чаткаякта бөлүнүп.
Булуттай учуп ээлигип,
Айбандан бөлөк желигип,
Калган экен Буурул ат.
Бура тартып чу десе,
Буттуу жандар жеткисиз,
Капталынан качырса,
Каран калган жыластан
Кутулуп кузгун кеткисиз.
Алты ай минсе арыбас,
Алтымыш асый болгончо
Азуусун жоюп карыбас.
Жет-Кайтка минсе арыбас,
Жетимиш асый болгончо
Азуусун сайып карыбас.
Жел кайыктай Буурулдун
Кайсы сынын айталы,
Казатка минсе карандын
Артындагы даңканы
Жолум үйдөй чачылган,
Минген эрен Семетей
Умачтай көзү ачылган.
Ачыла турган себеби
Кыргынга минсе кылчайбас
Чабышка минсе чарчабас,
Чылбыры тутам калбаса,
Кырсыктын кыркы чалбаса,
Кылайып жоого алдырбас,
Буура көкүл, капкан бел,
Кетмен соору, кең туяк,
Кергичтенген чоң Буурул
Алышкан жоого болгон маш.
Айдап кирди кытайды
Астындагы Буурулу
Булуттай учуп бөлүнүп,
Үстүндөгү Семетей,
Чалкактуу зоодой көрүнүп.
Орто жерин эр көкжал
Оюп алган кези экен.
Бир чекесин Күлчоро
Союп алган кези экен.
Алкым жагын Бакай кан
Айдап алган кези экен.
Ар ортосун Канчоро
Жайлап алган кези экен.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсү өлгөн чагы экен.
Таш сайынган манжуунун
Тазасы өлгөн табы экен.
Алты миң кытай, сан калдай
Коңурбайдын жөкөрү
Кыргын болду бир далай.
Денеси калып, башы жок,
Балбандан башка эр өлүп,
Ээр белдей талааны
Этектей качып таянды.
Эр экен калча Коңурбай,
Булардан кантип аянды.
Калмактардан Ороңгу,
Кандарын сурап ошону
Качып барган Коңурбай
Алтын түркүк чатырын,

www.bizdin.kg



Эр Коңурбай баатырын,
Көз жетпеген сан колго
Бөлүп салган көп элге,
Астындагы Кара аты
Күлүгүнө салыптыр,
Кара атынын бар экен
Капталында канаты.
Эчен убак барыптыр,
Алөөкөнүн Коңурбай
Атагы чыккан сабаты.
Он сегиз миң ааламды
Оолукканда Коңурбай
Кылкандай чалар адаты.
Коңурбайдын Алгара
Куйругу саяң, жалы аз,
Кулан көрсө куткарбас,
Туранын түбү көпкөк таш,
Куушкан жоого болгон маш.
Төрт аяктан жан жетпес,
Канаттуу куш болбосо
Бу капырдын атына
Мындан бөлөк мал жетпес.
Калың колду Тагылык
Кан Коңурбай барганда
Каптап жаткан көп улук,
Таш кашаттуу чоң майдан,
Түмөн кол жаткан чоң сайдан,
Бекитип казган орунан
Бээжиндин түмөн колунан,
Айкырык салып Коңурбай
Алгара оозун бурду эле,
Сан колдун баарын чакырып,
Бээжинге улук кан экен
Буйрук кылып турду эле.
Манжууларын бакырып,
Балбандарын Коңурбай
Баштан-аяк чакырып.
Күрмө кийген күчтүүсү
Кан алдына тек турду,
Каарланып Коңурбай,
Калың колго кеп урду.
Чыдай албай бакырып,
Чын балбанын, эрлерин
Камынгын – деп, чакырып.
Калдайларын балбанын,
Кайнап жаткан жандарын:
«Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби,
Казылган чуңкур калың ор,
Кайнатылуу үлкөн жер.
Бирөөң кайра тартпаска,
Каканчындын Бээжинге
Бирөөң өлбөй кайтпаска
Өлүп кетер шерт кылгын,
Убаданы бек кылгын.
Каарланып тарагын,
Катылса жоону сабагын.
Бу кайратты карагын.
Топон суу жетпес Бээжинди
Тобун бузчу эр келди,
Искендер тийбес Бээжинге
Күчү жетчү дөө келди.
Манас албас Бээжинге
Балакет салчу эр келди.
Кызыл, жашыл жез найза
Кыргагын тартсам бөлүндү,
Кызыталак буруттан,
Бурут деген журттан,
Кун кууганы Семетей
Кастарын тикти көрүндү,
Буруттан келип төрт эрен,
Төртөө төрө чын берен,
Төртөөнүн аты төрт башка,
Төртөө кылымга тийчү көйкашка.
Чоң түмөн түштү бу башка.
Кызарып туман сөгүлдү,
Кытайдан тийсе колуна
Жөн койбос түрү көрүндү.

www.bizdin.kg



Ар кимисин карасаң,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Балбандык түрү көрүндү,
Балакеттүү Бээжинге
Султандык түрү көрүндү.
Ок өтпөгөн тону бар,
Ок жетпей турган аты бар,
Кадимки Талас жеринен,
Айтылуу кыргыз элинен,
Тоорулуп келген калкы бар.
Кабарында бар бекен,
Чын Манастан туулган
Бээжинге салат чуулган.
Мүшкүл да ошол, жан да ошол,
Аламан каптап калбасак,
Кыргынды кыйла салбасак,
Кылычтап башын албасак,
Бээжинге бейпай чыр кылат,
Беттешкен жерин түз кылат.
Атасы Манас көкжалдан
Артылта тууган жан экен,
Беттешип менде баргысыз,
Белгилүү көкжал бала экен.
Карысы Бакай өлбөптүр,
Кыямат жүзүн көрбөптүр.
Өзү көргөн суу менен,
Өзөндүү булак жол менен
Канкордун уулун Каканга
Алып келген чак экен.
Көрүп турган мендеге
Мынчалык мүшкүл бар экен.
Түгөнгөн тоонун урчукта,
Дүмүрөйгөн тумшукта,
Кагышты катуу баштады,
Алты миң кытай, сан калдай
Адилкеч кырк төрөмдү
Такыр кырып таштады.
Баатыр да экен, шер да экен,
Бар мүчөсү тең да экен.
Сыягы суук жан экен,
Сырт-сыргынан карасам,
Колдогону бар экен.
Бир чамынып айза урса,
Сан кол туруш бергисиз,
Кызыталак бурутту
Сайышып менде жеңгисиз.
Мен Коңурбай болгону,
Болуп атка конгону,
Белеске салып там болуп,
Бээжинге мыкты кан болуп,
Малдан ашык баарды,
Кыдырдым кыйла шаарды.
Сүрүн көрүп оорундум,
Улук Бээжин түпкү шаар
Ушуга чейин кыдырдым.
Мингени тулпар көйкашка
Бээжинде мындай мал болбойт,
Алп-дөөлөрдү көп көрдүм,
Семетей өңдүү жан болбойт.
Айкулагы калкандай,
Алагай көзү чолпондой.
Билеги мыкты, таш жүрөк,
Чоң мүчөлүү бадырек.
Оң далысы кең экен,
Кытай турмак кылымды
Кырып кетчү неме экен.
Түрү бөлөк балага
Менде азарын салбаган,
Берендиги бек мыкты,
Бет алып киши барбаган.
Асты жагын карасаң
Ажыдаардай сүрү бар,
Артын карап олтурсаң
Алты миң эрдин түрү бар.
Берендиги белгилүү
Мендеден бөлөк жан экен,
Семетейдин жанында
Окшош балдар бар экен.

www.bizdin.kg



Балдарына карасам,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кез болгонду кемирип,
Келген жанга айза уруп,
Тирүү бойдон жегидей.
Кыдырдым эле мынчаны,
Басып көрдүм билсеңер,
Бадаң-шаң менен Дыңшаны,
Сазан-шаңдын элинен,
Жалгыз көздүн жеринен,
Мадыкан менен Мамытбек
Башкача булар дөө эле,
Бу Бээжинге ээ эле.
Каарды катуу баштаган,
Кабылан Манас, эр Алмаң
Буларды алар кайсаган.
Чын ошондон туулган,
Өлбөсөң журтум, көрөсүң
Бизге салат чубулган.
Кандан чогуу эрлерин
Өз жан курбу теңдерин,
Кармаштан кайра тартпаган,
Кызыл өрттөн кайтпаган,
Кыйла жерге чуу салган,
Торала байрак туу алган,
Белсенбей адам жетеби,
Бээленгиле балбандар,
Ушу жол болчу чоң кармаш
«Кичи казат» атагы.
Намыс албай калбайлы,
Аламан коюп салышып,
Албан түрдөп кагышып,
Көрбөгөн кытай жол казып,
Жекеге чыкчу жеринен
Жети аркан бою ор казып,
Бул айланы кылалы,
Эптеп торго түшүрсөк,
Айбалта чаап, балта уруп,
Эптеп башын алалы,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Түгөнгөн канкор уулуңдун
Бир түгөтүп салалы.
Атышпай журтум, калбайлы,
Кагышты каалап тың кылып,
Кармашты артык чың кылып,
Айкырык салып, топ бузуп,
Ажалы жеткен окко учуп,
Кагышпай карап калбайлы,
Айлап, жылдап салышып,
Ат күчүнө салышып,
Тулпардан сынап минели,
Тургузбастан балдарды
Таласка айдап кирели.
Каптап барып Таласын,
Кыр-кыр жагын басалы,
Кайрат кылган эрлерин,
Камынып чыкчу шерлерин,
Жер-жерине жанчалы,
Кордукту койдой салалы,
Жалгыз жанын жөн койбой,
Тындым кылып салалы.
Малы-башын талайлы,
Баатырсынган эрлерин
Талыкпай жатып камайлы.
Калбай уруш кылалы,
Улугу окшойт Семетей,
Ушунетип кыралы.
Мыктап айза сайышып,
Кыргынды кызык салалы.
Кыйынсынган эринин
Бакай баштап Семетей
Бул өңдөнгөн беренин
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаралы.
Урушуп дүмөк басалы,
Өзү тийген бурутту
Умачтай көзүн ачалы.

www.bizdin.kg



Кыймалуу жагдан кырк килем,
Кыйын журт уккун кебимди,
Кыргыздын жайын мен билем.
Оймолуу жагдан оң килем,
Ойгуттун сырын мен билем.
Керишти кенен салалы,
Келеңкөр соору, айча бел,
Келини сулуу кыргыздын,
Катынын олжого алалы.
Кызыл көйнөк, айча бел
Кызы сулуу кыргыздын
Кыйласын олжо кылалы.
Өзү тийген бурутка
Асманга учсун топурак,
Аскер каптап топурап,
Эренден эчен кан өлсүн,
Эсепсиз согуш кылалы,
Кызыталак бурутка,
Өрттөнгөн бурут журутка,
Кандарын карап кылалы,
Баштыкка бала салалык,
Бардыгер кекти алалык.
Баатырсынган түбүндө
Өрттөнүп кеткен бул бурут
Бээжинге душман зилинде,
Баатыр окшойт, шер да окшойт,
Эркин жаткан малды алган
Ушундай мүшкүл эл окшойт.
Мен көргөнүм жок бекен,
Куугунду куптап салалык,
Айкайлап айза салышсак,
Арбын айкай чуу болуп,
Жер жайнаган дуу болуп,
Бет алыша калышсак
Айкырып айза суналык,
Темселеген канкорду
Тегеректеп алалы.
Кырк эшиктүү Бээжинде
Кыяптуу лаң-таң элинде
Күнөөлүүгө камдаган
Түшкөн жан куру калбаган,
Кырк аркан бою чоң зындан
Кармашса колго салалык,
Көөдөктүн уулу топорду
Тындым кылып салалык.
Улуктарын, дөөлөрүн,
Манжууларын, кандарын
Агала сакал мен болдум,
Кайраты мыктуу жандарым,
Кашатча дөбө көрүнгөн,
Алтын казган жерлерин,
Алыштан кайра тартпаган,
Долу кытай эрлерим,
Кара мылтык карс этсе,
Кажыбай жоого тийип бер.
Теңир үчүн, мен үчүн,
Кара көкжал эр үчүн
Кызыталак бурутту,
Таянганы Таласы,
Сыйынганы Манасы,
Жер-жерин көздөй түзүп бер,
Таласка айдап сүрүп бер.
Калың кара кол каптап,
Аз гана эмес, мол каптап,
Кылчайбай баарын кырып бер,
Кызыккан экен куу бурут
Бул жаңжалды кылып бер.
Кара мылтык карс этсе
Качпай жоого бет алып,
Кара болот зулпукор
Кажытпай колго текши алып,
Кыргынды кызык салып бер,
Кызыталак буруттан
Ажыратып жылкымды
Кайра тартып алып бер.
Болуп кеткен согуштан
Калдайым кайра тартпагын,
Арбын кытай эл элең,

www.bizdin.kg



Кабылан Калча мен элем,
Кызыталак канкордун
Кылган ишин карачы.
Эришти эпсиз салалык,
Башчысын кармап алалык.
Бакайы тийсе бу колго
Тирүүлөй бойдон жөн эле
Тим койбой башын алалык.
Койдой ичин жаралык,
Койбой башын кеселик.
Күн мезгилин албайлы,
Күнүндө тынып калбайлы».
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Каарланып бөлүнүп,
Кан эмеспи чоң Калча
Опол-Тоодой көрүнүп,
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Карапжы тонун калдайтып,
Көк темирден тувулга
Жолуң каткан эр Калча,
Жору куштай калдайтып.
Канжасынын чоңдугу
Калдайчынын кабы окшоп,
Самсаалаган муруту
Мурутунун бир кылы
Майлаган балта сабы окшоп.
Каарды Калча кылды эми,
Көрдү күндөй сан колду,
Айталаада жыйды эми.
Буйрукту мындай кылды эле,
Адаты экен кытайдын,
Уруш десе камданган,
Бет алган адам таң калган.
Ай касаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Сурунай кулак тундуруп,
Барабан үнү бапылдап,
Жез чоор үнү такылдап,
Үркүн-үркүн дүрбөшүп,
Жер солкулдап жүрлөшүп,
Кобогойлуу сыр найза
Коржойтуп өөдө ашташып,
Казатты мындан башташып,
Коңурбай айтып турганда
Ат атына камынып,
Уй түгүндөй көп кытай
Дүркүрөшүп жабылып.
Айкайы арбын кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Жаңжалды жаман жатташып,
Сан кишиге бир киши
Башчы коюп катташып.
Башаалыгы билинип,
Дүрбөп-дүрбөп көп кытай
Аскер шашып жүгүрүп.
Кейиштүү бирөө кеп айтып,
Калдайлардан далайы
Тизеси жерге бүгүлүп,
Арз-муңун айтып Калчага
Кээ бирөө турду жүгүнүп.
Тажым уруп, баш коюп,
Эр Коңурбай баатырдын
Бээжинге улук кан аты,
Катындардай жүгүнгөн
Канын көрсө көп кытай
Качандан берки адаты.
Кээ бирөөсү кеп айтып,
Эр Коңурбай баатырга
Атым жалгыз деп айтып,
Кээ бирөөсү кеп айтып,
Арз-муңданган бир азап,
Чууга кирип турду эле.
Айыкпаган бир нече
Дууга кирип турду эле.
Кээ бирөөсү кеп айтып
Атам карган, өзүм жаш,
Алым начар деп айтып.
Журт чуркурап турду эле.

www.bizdin.kg



Ачууланган себеби,
Он эки кан бусурман
Бээжинге казат кылганда,
Бет алышып турганда,
Бейжай кыргын көп көрүп,
Күрөгү калган эл экен.
Дүмөк болсо бирөөбүз
Каканга кайра тартпастан,
Кырыларбыз дээр экен.
Көк ала көйнөк, кең чалбар,
Кармашты катуу кылууга
Казаттын жайы ушундай,
Коңурбай салган чоң жаңжал
Эл түрлөнүп шумданып,
Алсызы мынча муңданып,
Карапчы колго алышып,
Кан алдына дарттарын
Тегиз айта салышып,
Калың кол минтип турду эле,
Каарманы какайып,
Көк ала сакал чоң манжуу
Калчаны Кудай урду эми,
Каарынан Калчанын
Жер титиреп дүркүрөп,
Жеткилең баатыр Коңурбай
Кылымды билген чоң төрө,
Каарланып күркүрөп,
Кайратты катуу баштады.
Кан ичмеси чын кармап,
Арыз айткан муңчу адамын
Кырып ие таштады.
Кырылганын кыйын деп,
Кызык кылып токмоктоп,
Кырк уруу кытай жаман журт,
Кыргын кылам быйыл деп,
Ачпа оозуңду тыйыл деп,
Азыр кыргын болорсуң,
Алдыңкы жерге жыйыл – деп.
Казат баштайм бурутка
Кагышканы баратам
Бурут деген журутка.
Чындашарың Чынмачын
Карганда Калча абаңа
Кайрат бергин каканчын.
Шибе, тыргоот, солонун,
Чарк айткан сөзүң болобу?
Кармашарың Семетей,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Карган экен Коңурбай,
Калкы менен Каканга
Качып кетти дедирбей.
Жаманатты болгончо,
Тирүү жүрбөй өлүп ал,
Кара калмак, манжуу журт,
Калганың мынча кыргын эл,
Туубай туна чөгүп өл,
Балбаның өл, каның өл,
Кагышып жүрүп баарың өл.
Атышкан адам өлбөйбү,
Өлгөн жандан калган жан
Эптеп күнүн көрбөйбү.
Чапчышарым зор Бакай,
Чай алган тоонун сеңирдей,
Чарчаган окшойт кечил кул,
Кармашпай качты дедирбей.
Айза сайып ыктууң өл,
Бирөөң калбай баарың өл.
Ушу сөзүм журтум көр.
Калың колун чачты – деп,
Карган окшойт Коңурбай
Чабышпай Бээжин качты – деп,
Душмандан өзөк укканча
Туубай туна чөгөмүн,
Кырк уруу кытай, түмөн кол
Бирөөң калбай өлөмүн.
Кутурган окшойт Семетей,
Каптаган окшойт эр Бакай,
Кулжуңдашып көрөмүн.

www.bizdin.kg



Асманга учсун топурак,
Аскер жүрсүн топурап.
Үркүн-түркүн сөгүлсүн,
Кара курттай кытай журт,
Жоо көзүнө көрүнсүн.
Каалаган сөзгө көнүңөр,
Качпай, коркпой жаман эл
Караан болуп бериңер.
Кыраанын айткан ушул кеп,
Кудай урган жаман эл,
Бул айтканың кандай кеп?
Атым жалгыз дегендин
Андайың болсо кытай журт,
Атыңды союп такыр жейм.
Өзүм жалгыз дегендин
Өзүн союп кошуп жейм.
Кармашарым Семетей,
Караан болуп бербесең,
Энем карган дегенди
Эми союп кошуп жейм!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Каарланып түктүйүп,
Каарды катуу баштады,
Кара кытай, манжуусун
Каарланган чоң төрө
Жутуп ие таштады.
Арыландай көзү жайнады,
Ач айкырык чуу салып,
Коңурбай жайы мына бул,
Кара кытай манжуусун
Жутуп ие таштады.
Алтын айлуу канжаны
Коркурата сорду эле,
Коңурбайдын үстүнө
Күрмө кийген күчтүүсү,
Күн-жаңжусу, калдайы
Төгөрөктөп турду эле.
Түрү суук эр Калча
Түрлөгөнү бир бөлөк,
Көзү көпкөк темирдей,
Мурунун чоңдугу
Кутурмак тоонун сеңирдей.
Кабагы бийик, зaары күч,
Катылышсаң жөн эле
Өлдүм деп жандан күдөр үз.
Каардуу жинди салды эле,
Калың кытай көп манжуу
Чымындай айла таба албай,
Макулдан башка кеп айтпай,
Баарысы моюн бурду эле.
Көркөмү тоодой Коңурбай
Көк найза алып камынып,
Көпкөк темир курчанып,
Көк ала калкан колго алып
Ач билекке беш ороп,
Айбалтаны салынып,
Көрсөң мындай Коңурбай,
Көк жолборстой чамынып.
Кынсыз кылыч кыйын курч
Оң жагында балкылдап,
Чок отогот, маржан таш
Төбөңдөн тийген манжуунун
Төбөсүндө жаркылдап.
Канжасынын оозу,
Кыпкызылдай чок болуп,
Көзү күйгөн от болуп,
Каяшаяк журт берсе,
Калтырбай башын кесчүдөй.
Муруту менен сакалы
Сарапты тешип өтчүдөй.
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча.
Темир аркан торчонун,
Тегиз канжарколчонун,
Айзага даңгыл ыктуусун,
Ажыдаардай ышкырган,
Айла билгич мыктуусун.
Ат көтөргүс дөөлөрүн,

www.bizdin.kg



Ат оюнчу жөөлөрүн,
Тыргоотту тыйпыл бакырып,
Калдай кара калмагын
Калтырбай баарын чакырып,
Манжуу каны Эзкара
Калмак каны Карагул –
Карасаң дүмөк мына бул.
Он башысын жүз башы,
Солоондордон чакырып,
Кечил башы ылама,
Келген колду сураба,
Үркүн-түркүн кол болуп,
Караса адам козголуп,
Топурак учуп, тоз жүргөн
Толкуган иле кол болуп.
Тозок салбай турабы
Аз гана эмес, мол болуп,
Балтага шылуун эрлерин,
Айзага камбыл шерлерин,
Көк темирден кийчүүсүн,
Бет алып жоого кирчүүсүн
Ажалдан кайра тартпасын,
Өлүмдөн кайра кайтпасын,
Жаңылбай турган мергенин,
Чалма урууучу эренин,
Жаага уста ыктуусун,
Жан койбой турган мыктуусун,
Улуктарын, кандарын,
Кырк уруу кытай жандарын,
Кылчайбай жыйды күпүлдөп,
Каарынан Калчанын,
Жүрөк туйлайт зүкүлдөп.
Чын байрагын колго алып,
Чындап турду Коңурбай,
Кош барабан, чоң жез чоор
Тартып турду Коңурбай,
Чогуу каары башынан
Артып турду доңуз ай:
«Атаңдын көрү, жаман журт
Кырк уруу кытай сен элең,
Кылым жоого баш бербес
Көк ала сакал эр манжуу
Көкжалыңар мен элем.
Келген колдо бедел жок,
Сандап жаткан адамдан
Эмине бар, нелер жок.
Түндө эшикке чыкпаган,
Коркок кытай барсыңар,
Айбалта жаза чабуучу
Чоркок кытай барсыңар.
Атым жалгыз эле – деп,
Арманың айтып салыңар.
Чылгый ичим өрт жанып,
Чыдай албай турамын,
Чындаган жоом Семетей
Уккун журтум, ушуну.
Кармашарым Күлчоро,
Кагышарым Бакай кан,
Кайра качып бергениң
Буруттан мурун мен кырам!
Калбай чогуу өлгүнүң!
Калык жайнап, кол айдап,
Кагышпай кантип турамын,
Кайра тартып качканды
Калтырбай такыр талкалап,
Буруттан мурун кырамын,
Бу журтум, кандай дейсиңер».
Деп, ошондо күрсүлдөп,
Эр Коңурбай кан чыкты.
Коңурбай каарын көргөндө
Каяша берген бир жан жок
Түмөн колдон жан чыкты.
Коркогу жандан түңүлүп,
Эренсиген шерлери
Кандай кылсаң биз мына,
Деп, өшөнтүп, Калчага
Кошомат кылып жүгүнүп,
Көз жетпеген түмөн кол

www.bizdin.kg



Каршы-терши жүгүрүп,
Асман ачык, жер бүркөө,
Алеңгир айза, чоң дүрбөөн
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Кырк кан эли кытайды
Кылчайтпай чогуу жыйды эми,
Кыйкырыгы таш жарып,
Калчаны Кудай урду эми.
Жоботчу мыктуу шер ошол
Жоонун айласын билген эр ошол.
Керүүгө салган чеп ошол,
Кериштен кайра тартпаган
Бул Бээжинге калганда
Өзү жоонун айласын билген эр ошол.
Коңурбай жайын сураба,
Колун күүлөп, эл жыйып,
Балбандарын тең жыйып,
Балбандын түрү момундай
Кынжылаган эмедей,
Кынжылалуу балбаны,
Балбандын бирөө бошосо
Кармаша кеткен адамдын
Чыга турган далдалы.
Тыргооту тыйпыл жыйылып,
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Балбандарын байкаса
Баары калча узун бой,
Ар биринин чоңдугу
Кар баскан тоонун теңиндей
Кармалашкан адамды
Калтырбай такыр жегидей.
Толкуган дайра, көлдү көр,
Көлчөлүк кытай элди көр,
Жерге чыккан чөптү көр,
Чөпчөлүк кытай көптү көр.
Ушунчалык кытайдын
Улугу экен Коңурбай,
Улугу кабар салган соң,
Бек кыйкырып алган соң,
Каны каар баштады,
Калың элдин баарысы
Үркүн-түркүн чыр кылып,
Бузулуп кете таштады.
Толкумак болду калың кол,
Тозокко салар ушу жол,
Көк темирден айзасын
Көктү карап тирешип,
Айбалтасы, кылычы
Жай-жайында көрүнүп,
Көрүп турган калайык
Көп жанынан түңүлүп,
Агала мунар туу болуп,
Айкайлаган чуу болуп,
Баатырлары, эрлери
Кайрат кылып таптанып,
Таштуулары, кандары
Такыр калбай аттанып.
Кыргынды эске салышып,
Кылычты ала калышып,
Кара жаак айбалта
Билекке кармап чалышып,
Бурут менен булкушсак,
Бураталбай жулкушсак,
Айла кандай болот деп,
Жандан кечип салышып,
Балбандары, эрлери,
Чын кайраттуу шерлери,
Чет-четинде жүгүрүп,
Жаман, алсыз немеси
Ортого түшүп олоңдоп,
Обу жок жаман күйүнүп,
Уругу кырк кан эл экен,
Топон суу тоздоп кире албай,
Тобунан бери бу кытай
Аман калган эме экен.
Эч ким барып тийбеске,
Өзүң көргөн Бээжинди

www.bizdin.kg



Эсенкан эли дээр экен.
Нур төгүлүп Бээжинге
Аман калган жер экен.
Эч ким сурак албаган
Ушу турган Бээжинге
Эч кимдер чыдап барбаган.
Уламадан уласак,
Билгичтерден сурасак,
Бөлөк жан баспай, жер аман,
Эч ким келбей эл аман,
Кытай кыраан кыйла журт
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Борум кылып айза алып,
Кынсыз кылыч байланып,
Боз атчаны четинде,
Борумдуунун баарысы
Айзалуу жоонун бетинде.
Айзалары бетинде,
Асылдары четинде,
Качырга жүгүн артышып,
Канынан буйрук келген соң
Калың эл каптап жабылып.
Кара жакал Тагылык
Каптап аткан көп улук.
Кароолчусу, сакчысы,
Катуу мүшкүл иш келсе
Улугуна канына
Жооп айтып барчусу,
Ала көөдөн, терс кыял,
Аңгил-деңгил эрени,
Ашкере жоого кол салчу,
Ааламды бузчу берени,
Көк темирден тон кийип,
Көк качыр тандап ат минип,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Коңурбайдын көзүнө
Ченебеген көп манжуу
Чегиртке сындуу көрүнүп.
Айзанын башы кагышып,
Адамдын башы чабышып,
Камыштай айза кылкылдап,
Кара жандын баарысы
Бүктөлө түшүп былкылдап,
Үркүн-түркүн кол болуп,
Аз гана эмес, мол болуп,
Кара жер кайнап бүтүптүр.
Аскер келип турганда
Ушу турган кара жер
Калыңынан түтүптүр.
Кыжылдап калык козголуп,
Кыйла түмөн мол болуп,
Кырк кан экен кытай журт
Кылчалык бирөө түк калбай
Келген экен козголуп.
Мына өшөнтүп турганда
Калың колду шаштырып,
Астындагы Алгара
Оодарылып эр Калча,
Ары-бери бастырып,
Балбандарын бакырып,
Баатырларын Коңурбай
Турган экен чакырып.
Кыркы кыркка бөлүнүп,
Кыркы тегиз каптаса,
Калың экен кара жер
Кат-катынан бөлүнүп,
Асманга учуп топурак,
Аскер дүрбөп топурап,
Мүшкүлү түмөн эл болуп,
Жер силкинип, жел болуп,
Жетиги мынча эл болуп,
Асман ачык, жер бүркөк,
Жерден бир тал көрүнбөй,
Топурак учуп, тоз каптап,
Элден бир тал көрүнбөй,
Каарды Калча баштады,
Түмөндөгөн калың кол,
Түп көтөрө чуу туруп,

www.bizdin.kg



Эр Коңурбай баатырга,
Кечилдин каны капырга,
Каруусу толук балбанга
Калың кол каптап турду эми.
Ошо колдун ичинде
Шуру отогот, маржан таш,
Луң-туң каны аралаш
Канынын баары буркурап,
Калың журту чуркурап:
«Баатыр дедиң, эр дедиң,
Бүткүл Бээжин, Каканчын,
Бел тууганы сен эдиң
Тиктегенде бурутка
Тим эле каптап өтөлү,
Кандан буйрук келген соң
Кары-жашын тең кырып,
Кызыккан окшойт куу бурут,
Түбүнө чогуу жетели.
Талап алып кайталы,
Такыр кырып бурутка
Акийнекти айталы.
Укпайлык жакшы сөздөрүн,
Былжыраса бурутту
Чыгара муштап көздөрүн,
Элинин баарын кыралык,
Эссизин олжо кылалык,
Олунуша кирелик,
Ал оңбогон бурутту
Күн батыш көздөй сүрөлүк.
Жанына жапа салалык,
Жабылып кирип, чыр баштап,
Калтырбай кырып алалык.
Казына бузуп, дилде алып,
Дилде жүктөп, билди алып,
Кара көз кыздан миңди алып,
Денекул болчу жанды алып,
Олжо кылып малды алып,
Мурунтан душман буруттун
Буласын булап алалы,
Бурулбай алты ай салышып,
Бузукту минтип салалы».
Калдайлары муну айтып,
Күлазыгын бүктөшүп,
Түгөл калбай дүңгүрөп,
Түп көтөрө күңгүрөп,
Керней-сурнай тарттырып,
Керикке кошун арттырып,
Ай касаба туу болуп,
Айкайлаган чуу болуп,
Талаанын баары эл болуп,
Былкылдап кытай каптаса
Өлүм орток сел болуп.
Камчы тийсе кайкайбас,
Кайраттуусу бөлүнүп,
Айза тийсе былк этпес,
Алкым жак менен көрүнүп,
Коңурбай каар баштады,
Журт көтөргөн кара жер
Силкинип кете таштады.
Асман жарган дуу болуп,
Айкайы артык чуу болуп,
Селдей каптап сөгүлүп,
Миңи-миңге бөлүнүп,
Калдайлап ураан бакырып,
Кан ураанын чакырып,
Алтын таңдай добулбас
Дүпүлдөтүп урдуруп,
Айкай кулак тундуруп,
Кайнаган кытай калк экен,
Кармашкан жанды куткарбай
Канын ичмек салты экен.
Кумурска көр, куртту көр,
Куртчалык кытай журтту көр.
Коктудан аккан селди көр,
Селчелик кытай элди көр.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көтөргөндө айзасы
Оболгон асмандын

www.bizdin.kg



Тирөөсүндөй көрүнүп.
Аскер жыйып, кол айдап,
Ошо колдун баарысын
Бириндетпей чогуу айдап,
Кара-Дөбө таш майдан,
Өндүрү кенен кең сайдан,
Өңгөчө баатыр Коңурбай,
Жер айланып тоз болуп,
Азыркы болчу чатакта
Жетимиш Бээжин козголуп.
Кудай бетин көргөзбө,
Кутба жагы көп колдун
Чымачындын бетинде,
Күн батышы көп колдун
Бээжиндин Дыңша дээр эле,
Дыңшанын орто ченинде.
Бир бөлөгү көп колдун
Дыңша-Талаа бетинде.
Көбү жалган, көбү чын,
Көрүп келген киши жок,
Жармы төгүн, жармы чын,
Жанынан келген бирөө жок.
Жомок кылдым эрмекке,
Жоголуп кеткен эрлердин,
Зайыпуруш шерлердин,
Жоругун айтып бермекке.
Кулак угуп, көз көргөн,
Кайнаган кытай калкына,
Улук экен Коңурбай,
Ушунчалык кол жыйнап,
Кутурган окшойт доңуз ай.
Ары уч менен бери учка
Көз тунарып, көз жетпей,
Жер түмөндөп кол болуп,
Калдайлары, балбаны,
Калбай келип калганы.
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Асмандатып аштады,
Түмөндөгөн сан колду
Түгөнгөн Калча баштады.
Кээси коркуп, кээси үркүп,
Түру суук кытай, көп манжуу
Түгөтөт белем Калча – деп,
Бузулуп кете таштады.
Чоң айза колдо арбайып,
Чоң чокмор колдо дардайып,
Коңурбай сүрү ушундай,
Алгара оозун бурду эле,
Айзалашчу чоң майдан
Астында мунар талаага
Ошол жерде багып турду эле.
Ал аңгыча болгон жок,
Кармаштан өлбөй калганы,
Кырк төрөдөн балбаны,
Алты миң кытай, сан калдай,
Алардан өлбөй калганы,
Чакчелекей чаң болуп,
Кудай бетин көрсөтпө,
Кызыл жошо кан болуп,
Кан Коңурбай алдына,
Атка оюнчу, жөө күлүк,
Казыналык чоң мерген,
Атка минбей жөө жүргөн,
Артык күлүк, ары ыктуу
Ашып-шашып барганы
Алтын түрдүү чатырга
Эр Коңурбай баатырга
Кабарын айтып барганы:
«Кудай бетин көргөзбө,
Айланайын, Коң төрө!
Ааламды билген чоң төрө
Миңгендери бир бөлөк,
Кылдай окшош ат миңген,
Ок өтпөгөн тон кийген,
Мендеден түрү бир башка,
Каканчылуу Бээжинди
Калайман салчу көйкашка,
Дууга кирди Коң төрө,

www.bizdin.kg



Айкайы арбын, чоң мүшкүл
Чууга кирди Коң төрө.
Казылган калың ор чыкты,
Кайнатылуу шор чыкты.
Канкордун уулу Семетей
Төрт адам баштап зор чыкты.
Калдайга каран баштады,
Кырк төрөң менен сан колуң
Калтырбай кырып таштады.
Миңгендерин карасаң,
Кара байыр казанат.
Баары бедөө, көйкашка
Айбандан түрү бир башка.
Бекер куйрук, жал эмес,
Бээжиндиктин малы эмес,
Семизинен жараган.
Каран калган доңуздар
Октос берсе жөн эле
Учуп кетчү немедей
Асманды тегиз караган.
Айбандан түрү бир башка,
Баары тулпар көйкашка.
Керишке минсе кебелбес,
Кабыргалуу казанат,
Калбыр өпкө, жез билек,
Буура көкүл, капкан бел,
Кетмен туяк, кең соору,
Керишке чыдаар үкү аяк,
Тулпардан күтүп ат минген,
Кыйгачтантып өрттөнгүр,
Кыл куйругун шарт түйгөн.
Чуу укканда сөгүлөт,
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан бөлүнөт.
Белестен чыкты төрт адам,
Белгилүү эри Семетей –
Зордугу тоонун теңиндей,
Кайраттуусу Бакай эр –
Кулаган борчук сеңирдей.
Алмамбет уулу Күлчоро,
Чубактын уулу Канчоро,
Аяныл калчу уул эмес,
Өнөгүн берчү кул эмес,
Таянганы темирдей
Кайра кетсек канетет,
Какандан канча кол келип,
Кан Коңурбай баш болуп,
Эр Семетей жетимден
Эртелеп өлдү дедирбей.
Өлүп калчу себеби
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Толкуган түмөн эл келсе,
Алмамбет уулу Күлчоро
Токтобой айза сунгудай,
Адам эмес, ал чочко,
Тоону талкан кылгыдай.
Капчалды тешип өткөндөй,
Кармашса башты кескидей,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары, балбан, ары шер
Адамдан чыкпайт мындай эр.
Алтымыш кытай, сан калдай,
Артык балбан кырк төрө
Айкырып айза салганда
Жетик экен Күлчоро,
Жетип жеке кол салып,
Шашып качып жөнөлдүк,
Балбаныбыз, каныбыз,
Баатырлардан баарыбыз
Кыпкызыл канга бөлөндүк.
Кагышты катуу салдырдык,
Сан калдайдын баарысы
Төрт кыраанга алдырдык.
Олжо кылып атты алды,
Ойрон кылып башты алды,
Кызыкты кыйла баштады.
Кыйкырып айза сунганда

www.bizdin.kg



Тегиз кирип кол каптап,
Аламандап чуу тартып,
Айкырып айза урганда
Кыргынды кызык баштады,
Кылча көрбөй дөөлөрдү
Кыргын кылып таштады.
Өлгөн кандан калганы,
Кырылды кыйла балбаны.
Айбатына чыдабай,
Ашып-шашып берени
Чай алган тоону жөлөндүк,
Далай балбан, далай дөө
Кыпкызыл канга бөлөндүк.
Манастын уулу Семетей
Шай колдогон шер экен
Төрөсүнөн Чоросу
Өткөрө баатыр неме экен.
Айбаты күчтүү, каары күч,
Канчабызды кырып түз,
Каарды катуу баштады.
Кочкунун баарын коройтуп
Балбандарды соройтуп,
Баарын кырып таштады.
Айласы тегиз ыктуу экен,
Жаралган адам уулунан
Артык тууган мыктуу экен.
Жүрүмүнөн жан чыкты,
Сайышынан кан чыкты.
Бээжинге бейпай салар – деп,
Беттешкен жанды алар – деп,
Мен шордуудан жан чыкты.
Кынсыз кылыч байланган,
Каары бетине айланган,
Комокойлуу сын найза
Коройтуп өөдө аштаган
Койгулашкан душманга
Коркуп колтук ачпаган.
Колуна тийсе калганды
Коендой жерге жанчтаган.
Артык Бакай ал дагы
Бет алышкан менденин
Берeним, Калча, кебимди ук,
Чыга турган далдалы,
Кызыталак чунактын
Кыйын заарын бек көрүп,
Кысталак жандан түңүлдүм,
Сынчынын тилин алар – деп,
Кыйбатым Калча, чоң төрө,
Кылымды билген чоң төрөм,
Көргөнүм айтып берүүгө,
Көкжалым, сага жүгүрдүм.
Жанында жаштоо баласы
Эбегей мыктуу эр экен,
Алмамбет уулу дээр экен.
Атасы кыраан балдарга
Алышып айла келгисиз,
Чапчышып чама жеткисиз,
Чалышкан аман кеткисиз.
Эңкейиште эр сайды,
Айзакерден ыктуудан,
Айласыз кыйын мыктуудан
Алтоону катар бир сайды.
Кулак угуп, көз көргөн,
Бул өңдүүнү ким көргөн.
Ушак болот уккан сөз,
Таамайлап көрдү кайран көз.
Айзакерден ыктуу экен,
Ай-ааламды буй кылчу
Аябаган мыктуу экен.
Бээжиндиктин тукуму,
Берeним Алмам өз уулу,
Суурдай супсур ат миңген,
Сап куйругун чарт түйгөн.
Кеңири көөдөн, жайык төш,
Жайнаган кызыл чок экен,
Кызыл мунар от экен.
Мендеден бөлөк шок экен,
Менде уулуна карасаң

www.bizdin.kg



Мындай балбан жок экен.
Чынмачынды, Каканды
Четтейт ко деп турамын.
Каарланса Семетей
Каканчынды Бээжинди
Өрттөйт ко деп турамын.
Кабылан Манас өлгөндө
Атаңдын көрү, Коң төрө,
Капыя калган экенбиз!
Бузук кылып бурутка
Барбай калган экенбиз,
Балдарына бир кыргын
Салбай калган экенбиз
Капыяда калыппыз,
Алардан тукум болбойт – деп,
Ошону ойлоп алыппыз,
Дегенине көнөлү,
Атасы Манас айкөлдүн,
Алмамбет, Чубак, Сыргактын
Айттырбай кунун берели.
Урушту чогуу жыялы,
Жаңжалдашпай, чырдашпай,
Жапаны минтип тыялы.
Көргөзөрмүн Коң төрөм,
Дыңшадан берки талааны.
Көргөзөрмүн көзүңө
Канкордон тууган баланы.
Сырттан да экен, шер да экен,
Мурунку өткөн шерлерден,
Алышкан Манас эрлерден,
Алмамбет, Чубак эгизден,
Сыргак, Серек теңизден
Азыркы төртөө эр экен.
А сөзүмө көнбөсөң,
Манастын кунун бербесең,
Маралың кууп уй кылат,
Буюрбасын калп айтсам,
Бу Бээжинди буй кылат.
Көк марал кууп, уй кылат,
Көздөгөн жерин буй кылат.
Каарды катуу бир салат,
Кармаш кылса Бээжиндин
Кандыгын тартып бир алат.
Балбан да экен, шер да экен,
Телегейи тең да экен.
Ичин карап олтурсам,
Жер жүзүнөн кең да экен.
Атасы канкор Манастан
Арта тууган эр экен.
Айтканым ушул билип ал,
Бөөдө журтуң кырдырбай,
Кан Коңурбай, тилимди ал.
Кабарыңда бар беле,
Томуктай жерде тоосу жок,
Жан-Жүрбөстүн чөлүндө
Алмамбет тапкан жаңы жер –
Алтын казган кенинде,
Арыслан Манас көкжалдын
Алышын көрдүм Жөөжелдет,
Алты күнү суу ичпей,
Астындагы Айманбоз,
Узун кулак шалпылдап,
Урушка Манас киргенде
Ай талаада Боз аты
Жүрбөй калды далпылдап,
Кытайлардан Бороончу,
Калмактардан Оронгу,
Болумдуудан Бозкертик,
Буйгат жерден Музкиндик,
Чоң Улама калмак бар,
Чоң Жолойдой балбан бар.
Чоң Коңурбай сен болуп,
Чогулуп айза сайганда,
Арыслaндай көзү киртийип,
Ал Манастын этине
Алты миң айза бир тийип,
Ошондо айза сайганда,
Эңкейип Манас кылт этпей,

www.bizdin.kg



Чоңдугу тоодой зор Манас
Кыймыл этип канкордун
Ээрден арты былк этпей,
Барбайтып байлап аларда,
Манаска балаа саларда,
Сегиз күнү серпишип,
Он бир күн тынбай турушуп,
Он үч күнү болгуча
Айзалашып урештук.
Алты миң кытай, кырк калдай
Аралаш дөөнүн баары бар,
Ал Эзкара дагы бар.
Кайраттуу Манас канкордун
Мээнет баскан зор канга
Беделдүү дүмөк Манасты
Беттеп байлап ала албай,
Айза имерип бурганда,
Алп, дөөлөрдүн баарысы
Алыша албай турганда,
Кулагы темир Кутан алп,
Курчап аркан урганда,
Маңдайы темир чоң Маңкуч
Байлайын деп турганда
Алтымыштын артыгы,
Кырк чоронун кыйыны,
Баарысынын баалуусу,
Кырк кыраандын чолпону,
Уй куймулчак Сарала
Урушка кирип Алмамбет,
Алтын ооз, жез канжа
Аркы-терки чойгулап,
Коңур, алмак болду өзүңдү,
Айза менен койгулап,
Кыраан Алмаң кайран шер,
Кыргын салды бу жерде,
Өлүп калбас жан болдуң,
Эки түгөй кабырган
Кыйрата сайып Алмамбет,
Көөкөр үйлөп сен Калча,
Алты айда араң мал болдуң.
Ошол Алмандан тууган бала бар,
Бу сөзүңдө чала бар,
Каарланып кагышсаң,
Киши көрбөс дүмөктү
Калча, көрүп алып жүрбөгүн,
Казаң жетип балдардан
Өлүп калып жүрбөгүн.
Кагышка кирсе камсыкбас,
Чалгынга барса чарчабас,
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку албаган,
Ааламга жеткен чамасы,
Канкор Манас эр менен
Өзү ага-ининин баласы
Кара болот кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы,
Жер жайнаган согушта,
Жебеден мурун жеткенде,
Кеткен жерде өлчөлөп,
Мени сайып өткөндө,
Менден ашып эр Сыргак
Сени да аттан түшүрүп,
Катар сайып кеткенде,
Алмамбет каарын салганда,
Көкалага камчы уруп,
Акбалтайдын Чубагы
Кынынан кылыч алганда,
Желиккен эрлер жетерде,
Жетип башты кесерде,
Ыйкоо-шыйкоо балбанын
Көтөрүп атка салганда
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды куткарып,
Ошондо айза жегеним,
Калайман согуш кагышта
Бу Сыргактай эрен эр

www.bizdin.kg



Туулбайт ко дегенмин.
Алмамбет уулу Күлчоро
Телегейи тең экен,
Сыргакка катар шер экен,
Жек кара таш оюнан,
Жерге-Талдын боюнан,
Былкылдак саздын бетинен
Кара-Суунун четинен,
Жетөөнү жетип бир сайды,
Жетөөнүн бирөө мен элем,
Жеткенде жаман кол салды.
Айзасын көрүп күйүндүм,
Эрдигин көрүп баланын
Эсил жандан түңүлдүм.
Айтканым ушул билип ал,
Арысланым, Калчам, тилимди ал.
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Кармашсаң каның төгүлөт.
Жетиминен жетилген,
Жергеге эптеп кошулган,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болгон,
Кумсарып булут бөлүнбөйт,
Кун албас түрү көрүнбөйт.
Акылман артык кан элең,
Алөөкөнүн Коңурбай
Чынмачынга Бээжинге
Чын орноткон там элең,
Эрдигин айттым билип ал,
Эсилим, Калчам, тилимди ал!
Алакөөдөн балдардын
Акылын алдап табалы,
Булардын амалдап орун казалы.
Дегенине көнөлү,
Кырмызы көйнөк, айча бел
«Атаңдан куну мына» – деп,
Кыздардан тартуу берели.
Күпчөккө бозо камдайлы,
Ал бозонун ичине
Болбогон уудан жайлайлы.
Бозону ичсе боолугуп,
Болбогон дартка жолугат.
Кызыталак балдардын
Кыргындап башын алалы,
Кызыталак балдарды
Амал менен ушинтип,
Тындым кылып салалы».
Жөөжелдет мындай деген соң,
Мына ошондо Коңурбай
Каары келип какайып,
Каарды катуу баштады,
Үтүрөңдөп, үксөңдөп
Айтып турган желдетти
Соруп ие таштады:
«Баскын азыр оозуңду,
Атаңдын көрү, Жөөжелдет,
Баатыр сендей болобу?
Баатыр деп айткан оңобу?
Ашып-шашып энтелеп,
Алардан жаман качканда
Кайып болгон экенсиң,
Кубатың качып, курчуң жок,
Майып болгон экенсиң.
Бул кебиңди ким уксун,
Бир караңгы түн уксун,
Мындан бөлөк ким уксун!
Бээжин арзан жер бекен,
Канкордун уулу бадырек
Менден кыйын эр бекен?
Адам жүрбөс кең капчал
Өзүм баскан жол эле,
Атасы Манас канкорду
Алты алдаган кол эле.
Кагышка кирсе камсыкбас,
Кайраның Калча мен мына!
Кармашып баарын жоготкон
Жайдарың Калча мен элем!
Кабарында бар бекен,

www.bizdin.kg



Кыйраттым алптын баарысын,
Манасын союп жоготкон
Баатыры Калча мен мына!
Кыжылдаган кытай журт,
Боз керешке там болдум,
Бүлүк баштап, жоо кырып,
Бээжин журт сага кан болдум.
Манастын уулу жетимдин
Өзөндө малын жыямын,
Өрт өчкөндөй талкалап,
Так атасындай кыламын!
Канкор Манас шер бекен,
Канкордон Калча кем бекен,
Балдары кызыл балаа – деп,
Бул айтканың жөн бекен.
Жанчы келген немедей
Жаңкайлатып сөз айтып,
Жактап калган экенсиң.
Манастын уулу мындай – деп,
Мактап калган экенсиң.
Ороюң качып, бек чочуп,
Оңбой калган экенсиң,
Оңурайган кызыталак,
Болбой калган экенсиң.
Орундуу кытай, калың журт,
Чогулушкан түмөн кол,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Жети бөрү бир койду
Таласа тарпын коебу?
Бир кишини миң адам
Сабаса тарпын коебу?
Бу Бээжин оңой жер бекен
Бул кытай арзан эл бекен?
Казыр тийдиң жиниме,
Каарым келди какайдым,
Катылбай койбойм бириңе.
Ачууланса атамын,
Журт куруткан бурутту
Эч болбосо мен Калча
Жаздыгым ала жатамын.
Казам жетсе өлөмүн,
Картайып калган чагымда
Канкордун уулу чунакка
Кармалашып көрөмүн».
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Ойлосоң боло, ой желдет,
Кара суудa кеме жок,
Кабылан башым барында
Каш кайтарар неме жок.
Сандаган колдо бөлүм жок,
Берениң Калча барында
Бээжиндик сага өлүм жок.
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Араандай оозу ачылып,
Ачса оозунун ичинен
Каардуу өртү чачылып,
Желигип Калча зүкүлдөп,
Кайратынан капырдын
Жер айрылды күпүлдөп.
Каарды катуу баштады,
Калың кытай, түмөн кол
Каарланган капырдан
Кырылып кете таштады.
Кудай бетин көргөзбө,
Добулбас катуу кагылды.
Колго ылайык түмөн кол
Кол эсинен жаңылды.
Калчанын үнүн укканда
Катуу шашып корккон эл
Ат-атына камынды.
Кан Коңурбай кайратман
Каарды катуу баштады,
Мал-жанынан түмөн кол
Такыр кечип таштады.
Он башчысы ороктоп,
Элүү башы сороктоп,
Жүз башысы жүгүрүп,
Миң башынын баарысы

www.bizdin.kg



Жанынан чогуу түңүлүп.
Керней-сурнай тартылып,
Каарлуу кайрат айтылып,
Адам башы кылкылдап,
Айзанын учу былкылдап,
Жоо кайдалап чуу туруп,
Торала желек булгалап,
Кулак тунган дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Сандап жаткан калың кол,
Үркүн-түркүн бөлүнүп,
Жоо кайдалап көрүнүп.
Акырын айдап жылдырып,
Айкай кулак тундуруп.
Алышка кирчү эрендер
Айбалта чапчу берендер
Алтыдан качыр ат коштоп,
Адаты экен түмөн кол,
Асты жагын бош боштоп.
Азар түмөн кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Барабан кагып чуу туруп,
Аламан коюп өтчүдөй,
Алышкандын түбүнө
Каптап кетсе жеткидей.
Толкуп өткөн жерине
Тоо туруштук бергисиз,
Жандап өткөн жерине
Жааннам чыдап келгисиз.
Токойду көр, селди көр,
Толгон кытай элди көр.
Камышты көр, селди көр,
Кайнаган кытай элди көр.
Боз мунарык топту көр,
Боздогон жаа окту көр.
Курчаганда кытайдан
Кузгун учуп өтө албайт,
Калыңынан кытайдын
Кулан качып кете албайт.
Айгайдан жан кутулбайт
Мүшкүлдүү дүмөк кол болуп
Түгөл кытай жыйылып,
Түбүнөн бери козголуп,
Уй түгүндөй жан болуп,
Карааны канча сан болуп,
Кийик көрсө кийип жеп,
Кулан көрсө кууп жеп,
Марал көрсө басып жеп,
Кашкулак көрсө кармап жеп,
Жер топурак-чаң болуп,
Жээлигип түмөн чаң болуп,
Кудай бетин көргөзбө,
Адамдын көөнү бөлүнүп,
Айбалта, чоюнбаштары
Жолум үйдөй дүмпөйүп,
Жон-жонунда көрүнүп.
Атка оюнчу, жөөлөрү
Аламан салып калды эле,
Албан түрдүү дөөлөрү.
Өлбөйм деп адам кутулбас,
Каптаган кытай ажаан эл
Качып адам кутулбас.
Жоо кайдалап чуу туруп,
Жоо дегенде бек туруп.
Кайра тартса өлдүң – деп,
Миң башчысы көп уруп.
Асман ачык, жер бүркөө,
Жерден бир тал көрүнбөй,
Топурак учуп, жер чаңдап,
Элден бир тал көрүнбөй.
Бул өңдөнүп ким жүргөн,
Кайранын Калча барында
Балдарга салган чоң дүмөк.
Байкаган жан күйүнүп,
Колдун түрүн көргөн жан
Өлдүк деп, жандан түңүлүп.
Албан түрдүү балбаны
Калтырбай Калча айдады.

www.bizdin.kg



Урушары Семетей,
Кыргынды кызык баштады,
Кыжылдаган түмөн кол
Жалпы катар чуу туруп,
Жандан кечип таштады.
Жер тумандап былкылдап,
Жетимиш Бээжин козголду.
Аз гана эмес, мол болду.
Камбылдарын камдатты,
Кайраты жок жаманды
Караан болуп берсин – деп,
Ортого салып айдатты.
Коңурбай каптап жөнөлсө
Айзанын башы чабышты,
Адамдын башы кагышты.
Күндүзү бүркөө түн болду,
Балаасы мынча күн болду.
Колдун асты кылкылдап,
Түмөнгө колу бөлүндү,
Кыйын дүмөк, чоң жаңжал
Болуучу түрү көрүндү.
Кол артында Карагул
Кол ортосу Жөөжелдет,
Кол алдында Коңурбай.
Кол чуркурап дырылдап,
Жайнап калган кези экен,
Арт жагынан Карагул
Азар түмөн сан колду
Айдап калган кези экен.
Карасы толук капырдын,
Кан Коңурбай баатырдын
Агаяр дейт балбаны,
Бузукту мурун баштаган,
Каарланып чамынса,
Төөнү жаза муштаган.
Балбандары, шерлери,
Беттешип адам жеңбеген
Берендери, эрлери
Бээжинден бери козголуп,
Бейпай салып Коңурбай
Калбай журту келгени.
Кармашары Семетей
Бет алышып көргөнү.
Белеске чыга кол жайнап,
Бейлегенде шор кайнап,
Торала желек туу болуп,
Тоо толкуган чуу болуп,
Айкай кулак тундуруп,
Асман жарган чуу болуп,
Жээк тартып кылкылдап,
Жергелешип былкылдап,
Калдайдары камынып,
Кара кытай манжуусу
Арты менен жабылып.
Канча түмөн кол болуп,
Кайнап жаткан калың кол,
Түгү калбай элинин
Түгөл бойдон аттанып.
Каканчынын жеринен
Таң, билбейбиз чын болсо,
Жарлык кылса Коңурбай,
Жаман түрү көрүнөт,
Кез болгонго чуу туруп,
Кенебей каптап жеткидей,
Кез болгонду талкалап,
Касташып келген адамды
Калтырбай каптап кеткидей.
Кытайдын түрү момундай,
Кыжылдатып кол айдап,
Кыйын экен Коңурбай.
Өзөндөн жүргөн селди көр,
Селчелик кытай элди көр.
Кайнап жаткан колду көр,
Кол алдында чамынып,
Жоо кайдалап камынып,
Жазайылын салынып,
Жай-жаракка камынып,
Колду койбой шаштырып,

www.bizdin.kg



Онжоңдотуп Кара атын,
Оң-тетири бастырып,
Көрсө көөдөн бөлүнүп,
Көрчү болсоң Коңурбай
Көк арсландай көрүнүп,
Коңурбай жайы ушундай,
Жоого ылайык ыктуу кул,
Айласын билген мыктуу кул.
Эң акылман айлалуу,
Аянбаган кытайга
Ала-Тоодой кан ошол.
Айласы мыктуу, өзү эр,
Алөөкөнүн Коңурбай
Бээжинге мыктуу жан ошол.
Добулбасын карс уруп,
Кан артында калың кол
Жоо кайдалап чуу туруп,
Камыштай айза кылкылдап,
Кылычтын учу былкылдап,
Коңгуроо добул кагылып,
Коңурбайдын артында
Каптап келген көп улук,
Каарланып Коңурбай
Бурутка салар чоң бузук,
Кыргын кирсе түгөнбөс,
Көптүгүнө көз жетпес,
Кайнаган кытай эл ошол,
Кагышарга кан Калча
Камына чыккан кези ошол,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Жабылганда көп кытай
Жан кыйчу түрү көрүнүп,
Улугу Калча дагы бар.
Ал Калчанын артында
Албан түрдүү каны бар.
Кагышты катуу кылууга,
Кез болгонду кыруута,
Жардык келсе канынан
Жаанды каптап турууга
Кездешкенди жоготуп,
Калтырбай такыр кырууга.
Урушту каалап салууга,
Жылма кылып кыргызды
Жылкысын койбой таптакыр
Уюн талап алууга,
Калың кытай көгөрүп,
Кара болот суп найза
Калтырбайт акыр өңөрүп,
Жайнаган кытай эл экен,
Айзакерден ыктуусу,
Айла тапкыч мыктуусу,
Акылга дыйкан карысы,
Таш сайынган кытайдын
Талыкпай каптап баарысы,
Артык билгич сынчысы,
Тополоң болсо токтобой
Туу түбүнө турчусу,
Кан ичпей кайра тартпасы,
Кызыл чоктон кайтпасы,
Кан Коңурбай артынан
Такоол болуп, чуу туруп,
Далай улук кандары,
Кайраты артык жандары,
Жүйөкорчу эрени,
Жүгүрмө чечен берени,
Үркүн-түркүн калктары,
Албан түрдүү алптары,
Таш сайынган тазасы,
Күрмө кийген күчтүүсү,
Каруусу толук балбаны,
Калбай каптап калганы,
Картайганда Коңурбай,
Катуу мүшкүл жаңжалы,
Кынжылалуу балбаны,
Кынжысын чечип каптатса
Кармаша кеткен адамдын
Чыга турган далдалы.
Манжуусу бөлөк улугу

www.bizdin.kg



Кыргызга бейпай салам – деп,
Кан Коңурбай баатырдын
Карганда кылган бузугу.
Картайса дагы Коңурбай
Кан экенин көрдүңбү,
Белеске салган жел бузгус,
Там экенин көрдүңбү?
Артык балбан, артык шер
Жан экенин көрдүңбү?
Чоң өтүк бутта чойкоюп,
Алыш кылар баатырдын
Аркардай мойну койкоюп,
Көз айнеги балкылдап,
Көөкөрдөй болгон шуру таш
Төбөсүндө жаркылдап.
Аяпактай чоң кисе,
Ааламдын баары сыйчудай,
Оң жагында шалпылдап.
Ууртуна тиштеген,
Алтын айлуу сыр канжа,
Арбактуу тоодой эр Калча,
Жаткан иттей кашын көр,
Жарым тоодой башын көр,
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнсө жанды жутКудай,
Колуна тийген мендени
Койбой башын орчудай,
Каары келип какайса
Калтырбай жанды сорчудай.
Ичсе канга тойбогон,
Бет алыша келгенде
Менде тирүү болбогон
Омуроодо жаркылдап,
Көөхардан топчу муштумдай
Көрчү болсоң Коңурбай
Көкжалдыгы ушундай.
Жылма калган Калчанын
Балбандары колдору,
Бар дүйнөнү талкалап,
Ала турган болжолу.
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күчтүүлөрү бөлүнүп,
Карабжысын калдайтып,
Кандары көзгө көрүнүп,
Шуру отогот, маржан таш,
Коңурбай кандын жанында
Луң-туң каны аралаш.
Азар түмөн кол каптап,
Алек болуп курган баш,
Айдаганы көп кытай
Азар түмөн колу бар,
Атка оюнчу, жөө күлүк,
Балбандары дагы бар.
Темир аркан тончон бар,
Жандаса жарып өтүүчү
Тегиз канжарколу бар,
Каарлуу экен, бел да экен,
Кармашканды түк койбой,
Каптап кетчү эл экен.
Желигип кол каптаса
Ээрге жанчтап өткүдөй,
Буйрук алса канынан
Бурулбай каптап кетчүдөй.
Киши билбес сөзү бар,
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Эч ким чыдап барбаган,
Басташкан соо калбаган
Балакет кытай эл экен.
Топон суу толкуп жете албай,
Муну менен кытайды
Эсенкан эли дээр экен.
Желдеттери, кандары,
Жерге кирген Калчанын
Жетимиш түрдүү балбаны,
Улуктары, шерлери,
Өрттөнүп кеткен кытайдын
Ушундай экен эрлери.

www.bizdin.kg



Толкуп калса кытайга
Тоо турушкук бергисиз,
Тополоң бузук чыр салса,
Тобун адам жеңгисиз.
Ала-Тоодой көрүнүп,
Асты менен бөлүнүп,
Кан Коңурбай арбайып,
Чын алдына салды эле,
Чынмачыны Бакбурчун,
Луңту-Кеңтуу, Дыңша экен,
Уясы бүтүн кытайдын
Ушунча журту бар экен.
Эл баштаган улугу,
Эр Коңурбай тунугу,
Аркасынан калың кол,
Аламан коюп, чуу туруп,
Айза сунуп чуркурап,
Ааламды каптап өтчүдөй,
Бурут эмес, бу кытай
Кулак угуп, көз көргөн,
Эл түбүнө жеткидей.
Жетимиш жаны болсо да
Кез болгондун баарысын
Талап-булап кеткидей.
Боз атчаны бир бөлөк,
Кутба жагы бетинде
Тору атчаны бир бөлөк.
Каспан-Тоонун четинде,
Сары атчаны бөлүнүп,
Сайышчу жоонун бетинде.
Качырчаны, төөчөнү
Караан болуп артында
Келген колдо бедел жок,
Коңурбайдын түмөн кол
Эмине бар, нелер жок.
Кумурскадай жер жайнап,
Курчап кетсе, шор кайнап,
Бөлөк түрдүү кол болуп,
Жер үстүнө кол толуп,
Түп көтөрө көп манжуу
Түптүз каптап алыптыр,
Түйшүктү мынча салыптыр.
«Кичи казат» атагы,
Кан Коңурбай чатагы.
Колдун артын качырбай,
Айдап алган кембайлап,
Ал Карагул улугу.
Кармашары Семетей,
Коңурбайдын бузугу.
Торала желек, кызыл туу
Чын тополоң, ызы-чуу,
Казылган калың ор болуп,
Калбай эли козголуп,
Тору айгырчан Карагул
Токтолбой айдап мына бул.
Согушта мындай ким жүргөн,
Жылкысын тийип Калчанын
Семетей салган чоң дүрбөн.
Көк темирдей куралып,
Көккө топо чубалып,
Жер жайнаган чаң болуп,
Жер былкылдап жан толуп,
Аламан коюп, бет алып,
Кайраттанып Коңурбай
Каарды катуу баштады.
Каптагын – деп, кыйкырса,
Калың кытай чуу туруп,
Бу Калчанын үнүнөн,
Бузулуңку түрүнөн,
Калың кытай кандары,
Такыр кетти алдары,
Төбө чачы үксөйүп,
Төрөсү экен Коңурбай,
Коңурбай үнү чыкканда
Азар түмөн сан колдун
Баатырлары үрпөйүп.
Баарысы жаңжал баштады,
Мал-жанынан ал кытай

www.bizdin.kg



Баарыбыз өлсөк мейли – деп,
Жандан кечип таштады.
Эрендери бетинде,
Эчен түрдүү ой ойлоп,
Эселеги четинде.
Келген колдун баарында,
Жыйып алган тобунда,
Кан айдаган чогууда,
Кагышка кирген тобунда,
Эмине бар, нелер жок,
Кандуу канга канышкан,
Качпай жүрүп салышкан.
Камбылдары дагы бар.
Кыргынга кыйын кирүүчү,
Кылчайбай жоого тийүүчү
Даңгылдары дагы бар.
Айбалта жаза чабуучу
Чоркоктору дагы бар,
Түндө эшикке чыкпоочу,
Коркоктору дагы бар.
Караан көрсө калтаңдап,
Шашчулары дагы бар,
Кагышка жакын жолобой
Каччуулары дагы бар.
Жер бузулуп, жол чаңдап,
Айдап чыгып келатат,
Курттай кайнап быжылдап,
Жайнап чыгып келатат.
Караса кытай күчөптүр,
Кетирбей колун бүтөптүр.
Кызыталак кара жер
Калыңынан түтүптүр.
Белге чыга келди эле,
Жер жайнаган түмөн кол,
Жетип Бакай абасы
Талаадан көрүп алды эле.
Коңурбайдан чочунуп,
Көкчолок оңдоп токунуп,
Кайран жандан түңүлүп,
Сырттан Бакай абасы
Сыр найза кармап күйүнүп,
Балдарынан түңүлүп,
«Жараткан!» – деп, жалынып,
Колун сууга салды эле,
Козголбогон эр Бакай
Кол дааратын алды эле,
Бутун суугa малды эле,
Бут дааратын алды эле,
Ай караңгы бүркөлсө
Түн эмине болор – деп,
Түмөндөп кытай каптаса,
Түгөнгөн балдар булардын
Күнү эмине болор – деп,
Жер бузулуп жайнаптыр,
Жерге кирген Коңурбай
Эски дарты кармаптыр.
Тыргоот, кытай, манжуусун
Тыйпыл баарын жыйыптыр,
Ааламга жетчү чоң жаңжал
Коңурбай чочко кылыптыр.
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Артык кайрат, чоң дүрбөөн,
Керикке кош артышып,
Кытай эли кылкылдап,
Карган Бакай абасы
Эң алдында Коңурбай
Канын көрүп алды эле,
Жерге сыйбас калың кол
Баарын көрүп алды эле.
Колду көрүп күйүнүп,
Керемет Бакай абасы
Кетти жандан түңүлүп.
Кашатка чыгып бакырып,
Канкор шери Семетей
Алды жанга чакырып.
Күүлөнду Бакай бакырып,
Күлчоро менен Канчоро
Дагы алды жанга чакырып.

www.bizdin.kg



«Тулпардан калган туягым,
Туу казанат чунагым,
Алда ээлеген артыгым,
Айзага таккан желегим,
Арысландардан мурага
Алып калган белегим!
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби?
Мен көргөндү көрбөсөң,
Мен билгенди билбесең,
Көз жетпеген мунарык,
Туман каптап, чаң чыгат,
Кол алдында Коңурбай
Добушунан жан чыгат.
Күндүзү бүркөө шыбыргак,
Жер силкинип кыбырлап,
Албан түрдүү кол келип,
Кол алдында Коңурбай
Ааламды бузган зор келип,
Казылган экен кара жол,
Кайнаган окшойт биздин шор!
Сегиз бөрү бир койду
Таласа тарпын коебу?
Серпилип кытай үчөөндү
Сабаса жанды коебу?
Кызыталак Бээжиндин
Бээжиндеги элиндин
Казылган даяр ору бар,
Кайнатылуу шору бар,
Касташып адам жеңбеген,
Кара курттай колу бар,
Кабылган жандын шору бар.
Түзгө орногон көлдү көр,
Көлчөлүк кытай элди көр,
Жер үстүндө чөптү көр,
Чөпчөлүк кытай көптү көр.
Жазайыл тийсе буйрукту
Көргөнү келген экенбиз,
Казабыз жетсе Какандан
Каруусу жетик капырдан,
Кан Коңурбай баатырдан
Өлгөнү келген экенбиз.
Курчаса түшөт темир тор,
Тозулган экен биздин жол,
Кайнаган экен биздин шор.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай окшойт дүйнө бок!
Бу жаңжалда борум жок,
Бусулмандын элинен,
Кайнаган кыргыз элинден,
Алып келген колуң жок,
Жапа түшкөн кыргынды
Көргөнү келген экенбиз,
Жаза ушундай кытайдан
Өлгөнү келген экенбиз.
Каз айланбас зоо жок,
Каргылуу кара тоо жок,
Кармап минер буудан жок.
Кара кылып кармашчу,
Сурап ичип тойбогон,
Сугалагын койбогон
Султан кыргыз элим жок.
Качып кирчү токой жок,
Кара кылар огой жок,
Бел байлаган белиң жок,
Бекишке мыктуу жериң жок,
Беттешип уруш кылуучу
Аргын кыргыз элиң жок!
Кандай заман, кандай күн,
Каптап кытай кол салса,
Кандай болот биздин күн!
Өрт каптаган селди көр,
Жеткенде өрттөп өтүүчү
Өртчө кытай элди көр!»
Деп, өшөнтүп, кан Бакай,
Жылкыдан тулпар Көкчолок,
Тартып оозун бурду эле,
Талыкпай абаң Бакай кан

www.bizdin.kg



Кайнап жаткан кытайдын
Калкын айтып турду эле:
«Ай, кулунум, балдарым,
Айтканым ушул билип ал,
Асылым балдар, тилимди ал,
Кайнап жаткан бул журтка
Кагыш кылып нетели,
Кармашпастан кытайга
Таласка эсен жетели.
Калкка кабар салалы,
Сар-Арканы жердеген,
Салмактуу кыйын эр деген
Таруусун таштай таптаган,
Катынын кыздай мактаган,
Иткелдүү, сорпо майлуу эт,
Иримчик айран, көк курут,
Өзөндүн чаңы буркурап,
Өлөңүн айткан чуркурап,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Казактан чыккан эр деген,
Кагышып адам жеңбеген,
Бир жерге алты ай конбогон,
Кез болгон адам оңбогон,
Караңгыда жол жүргөн,
Касиеттүү казактан
Кан Көкчөнүн Үмөтөй
Карын бөлө уул эле,
Сени менен Семетей
Жакындыгы бар эле.
Алты күлүк ат берип,
Казатка караан болсун деп,
Үмөтөйгө кат берип,
Мунун колун алалы,
Көк темирдей кол жыйнап,
Аз гана эмес мол жыйнап,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Жаанын огу дыркырап,
Жазайыл огу чыркырап,
Мандайлашып салышып,
Ажал жетсе өлүшүп,
Айза кармап, топ бузуп,
Ажалы жеткен окко учуп,
Кун кууганда чыр болсун,
Артта калган мендеге
Унутулгус ыр болсун.
Казат кылып урушсак,
Казактардан Үмөтөй
Үмөтөй колун алалы,
Дагдыр жетсе өлөлү,
Ата кекти Коңурбай
Чама келсе эр менен
Чалкылдашып көрөлү.
Кабарман өлсүн, кан өлсүн,
Өзү тийген кытайга
Кармашкан жандын баары өлсүн,
Арбайтып айза сунушуп,
Арманы жок урушуп,
Жабыла келген кытайдын
Жаккан отун өчүрүп,
Жан жабылтып баарысын
Каканга кайра көчүрүп,
Тулпар селбип минели,
Тургузбастан буларды
Бу кытайдын баарысын,
Улугу Калча карысын,
Айза сайчу эренин,
Таш сайынган беренин,
Зордукчусун, кандарын,
Кылкылдаган чиркиндин,
Көптүккө салчу жандарын.
Бээжинди көздөй сүрөлү.
Белсенип туштап урушуп,
Кыргынды кызык билели,
Жеткен жерден кол жыйып,
Колду койбой мол жыйып,
Беренден калган беш тууну

www.bizdin.kg



Беш-алты жерге орнотуп,
Бет алганды сойлотуп,
Бейпайды бекем салалы,
Берен экен Коңурбай
Момунтип кекти алалы.
Кытай түмөн, биз жалгыз,
Ай, кулунум Семетей,
Кыргынды кантип салабыз,
Жер жайнаган калкы бар,
Жетимиш Бээжин козголуп,
Жерге батпай мол болуп,
Келген экен каркыбар,
Кармашканды соо койбой,
Качан болсо Коңурбай
Канын иччү салты бар.
Оюн кытай эл эмес,
Төрт ураан санга кол салчу,
Бу кыялың жөн эмес.
Бел байлаган бели бар,
Бекип жаткан жери бар,
Каарланса ушинтип
Калдай кабар кылганда
Каптап кетчү жөнү бар.
Уялуу кытай улуу журт,
Көптүгү арбын кара курт,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Акылды арбын кылалы,
Арбыта колду жыялы,
Беттеше чыгып урушуп,
Бек кыргын болуп турушуп,
Мындай акыл кылалы.
Кытай илек, биз жалгыз
Кылышкан менен ал жетпес,
Калмак түмөн, биз жалгыз
Кармашсак чама түк жетпес,
Карыганда Бакайдын
Айтканы ушул билип ал,
Асылым уулум, тилимди ал.
Атаң Манас шер менен,
Айбаты мыкты эр менен
Ободон жылдыз козголгон,
О дүйнөлүк дос болгон,
Малы бирге короолош
Ашы бирге жороолош,
Казына бирге жыйышкан,
Кабылан менен курбалдаш,
Кыргынга кирсе чаң бирге,
Тирүүлүктө жан бирге,
Баатыры журтка сынаакы,
Манастан калган мураапы
Жолдош болчу неме эле,
Атасынан баласы
Айлакеч мыкты эр эле,
Жумуру баштуу мендеде
Кан жаралбас деги эле,
Бул баатыр жайын айтайын.
Букара шаары ар жагы,
Бузулган Чамбыл бер жагы,
Эки ортону жердеген,
Эстеген адам эр деген,
Эңкейтип менде жеңбеген.
Бүлүк мүшкүл иш келсе
Жаман сөзгө таңылбас,
Караңгыда карсактын
Изин кууса жаңылбас.
Ак сакалы бир кучак
Айдаркан уулу Музбурчак,
Каканчылуу* казатта
Көк темирдей бурчакты
Каранды толук баштаган,
Кан Коңурбай чоң чочко
Бурчакты атып таштаган.
Катыны Айым тул калган,
Ал Бурчактын өзүнөн
Буяңбек деген уул калган.

www.bizdin.kg



Музбурчак уулу Буяңбек
Буга кабар салалы,
Улугум уулум, угуп ал
Мунун колун алалы.
Маңдай-теской урушуп,
Жаңжалды жаман салалык,
А дүйнө кеткен Манастын
Ушунтип өчүн алалык.
Кырк күнчүлүк жерде го,
Кырым деген элде го,
Урумкан уулу Көкбөрү
Манаска катар эр эле.
Ай-ааламды буй кылчу
Аябаган шер эле.
Жан жаратып мендесин
Ал Көкбөрү окшотуп,
Жакында бербейт деги эле.
Айза имерип, топ бузар
Камбылдыгы бар эле.
Айлакер неме абыдан
Даңгылдыгы бар эле.
Көкбөрү жайын сурасаң
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган чоң чечен,
Атаң Манас сырдашы
Акыреттик курдашы,
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Жүгүрүк чечен уул эле,
Жүйө тапкыч бул эле.
Тилге чечен акылман
Тим эле кыйын уул эле,
Алысыраак жерде эле,
Айлакеч мыкты эр эле.
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип,
Бурап койгон жез найза
Бурчтан кармап имерип,
Ок жетпес күлүк миңгизип,
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Кабарды катуу салалы,
Урумкан уулу Көкбөрү
Мунун колун алалы,
Бет алышып урушуп,
Бейпайлашып турушуп,
Жер жайнаган капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Кармашты катуу салалы,
Капкайда кекти алалы.
Чамбылдын-Белин жердеген
Чабышып адам жеңбеген,
Белендин белин жайлаган,
Эшигинин алдына,
Минден кулун байлаган,
Узун айза, көк кылыч
Уруш десе таптанган,
Жанаалы, Карач эки кан
Ошого кабар салалы,
Ошонун колун алалык,
Кызык болуп урушуп,
Айланайын кулундар,
Кыргындашып калалык.
Андан бери келгенде,
Ордолуу шайык, көк жөкөр
Орчундуу Кокон, Маргалаң,
Маргаланда Малабек
Анжыяндын өзүндө
Айры сакал Сынчыбек,
Самарканда Санчыбек,
Кокон канда Козубек,
Кең-Кашкардын өзүндө
Журт сураган Алабек,
Санаты беш кан эл эле
Муңун колун алалык.
Албан түрдүү жан келсин,
Беш кандын эли ал келсин,

www.bizdin.kg



Анын колу аз болсо
Индиядан да келсин,
Беш кандын эли чогулуп,
Жолго чыгып калсынчы,
Төгөрөк бышкан наны бар,
Төрт булуң салган тамы бар,
Белсенип жоого барбаган,
Башта казат салбаган,
Жолдо жүргөн эл эле,
Баарысынын ээри жок,
Чомго минген эл эле.
Чогулган колдо акыл жок,
Аттарынын баары айгыр,
Келчү болсо ошол журт,
Куюшкандан такыр жок.
Бет алышып урушуп,
Бейпайлашып турушуп,
Кабардар өлсүн, кан өлсүн,
Кагышкан жандын баары өлсүн,
Беш кандын эли бусурман
Караан болуп ал берсин
Беш кандан жыйып, кол айдап,
Берекелүү мол айдап,
Күчөгөн кара кытайга
Күрдөөнү кантип беребиз,
Күчөгөн экен Коңурбай
Күпүлдөшүп көрөбүз.
Кайгуулду* катуу жыялык,
Казаттын жайы ушундай
Кагыштан тирүү калбайлы.
Андан бери түшкөндө,
Кең-Кашкардын ар жагы,
Кебездүү-Тоонун бер жагы,
Кең-Талааны жердеген
Элеман байдын эр Төштүк,
Келберсиген эр деген,
Чайыңдуу була тон кийген,
Чалкуйрук тулпар ат минген,
Төштүккө кабар салалык.
Азар түмөн кол кылып,
Аз гана эмес мол кылып,
Төштүктүн колун алалык.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны ит менен
Керишти кенен салалык,
Капкайда кекти алалык.
Балааны башка баштайлык,
Малың менен дүйнөдөн
Такыр кечип таштайлык.
Андан бери тартканда,
Бала каздай баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Өзү билгич олуя,
Бабабыз Кошой карыя,
Ат-Башыны жердеген,
Ай-ааламдын баарына
Атагы чыккан эр деген,
Алышып адам жеңбеген.
Байланып калган базардын
Багын ачкан эр Кошой,
Орго түшкөн карыптын
Колун чечкен эр Кошой.
Бабабыз Кошой карыя,
Башка тууган олуя,
Катагандын кан Кошой
Канчага чыккан олуя,
Карыса да кан абаң,
Ак сакалын жайкаган,
Ар дүмөк* кепти байкаган.
Мунун колун алалы,
Кыргынды кызык салалы.
Бээжиндин каны Коң төрө,
Бейли кымбат мол төрө,
Коңурбайга бет алсак,
Колду айдап жайнатып,
Айчык алтын кызыл туу

www.bizdin.kg



Кан Кошойго карматып,
Анан согуш салалы.
Эрен да ошол, шер да ошол,
Кабылан Кошой абаңдын
Зордугу тоодой эр ошол,
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган жан эле,
Чогоол мылтык чорт этсе
Чочубаган жан эле.
Кабылан Кошой абаңдын
Чоң жүрөгү бар эле,
Мунун колун алалык.
Күчөгөн экен Коңурбай
Күчтүүдөн мынча кол жыйнап,
Күрпөңдөшө калалык,
Андан ары жол жүрсөк,
Ат аябай мол жүрсөк,
Көөнө-Турпан бетинде,
Барбар-Тоонун четинде,
Лоп дайранын оюнда,
Чоң өзөндүн боюнда,
Атагы ойгут эл деген,
Алышып менде жеңбеген,
Жерине душман өтпөгөн,
Желп этип шамал жетпеген,
Кымыз ичип эр өскөн,
Кызыталак ойгуттун
Төрт түлүгү тең өскөн,
Тобурчак, тулпар ат анда,
Толуп жаткан жан анда,
Ойгуттун каны Карача
Ошого кабар салалы,
Деген сөзгө көнсүн деп,
Бул жаңжалга келсин деп,
Манастын уулу Семетей
Арбактан корксо Карача,
Караан болуп берсин деп,
Мунун колун алалык,
Булкушту кыйын салалык.
Андан бери келгенде,
Кең-Алайды жердеген,
Келберсиген эр деген,
Ажыбай, Чегиш эки кан
Акбалтайдын журтунан
Калып калган бусурман.
Анын колун алалык,
Айкайды арбын салалык,
Анжыяндын Боз-Талаа,
Боз-Талааны жердеген
Болжолу жок эр деген,
Эштектердин Жамгырчы
Мунун колун алалык.
Көк темирдей кол жыйып,
Аз гана эмес мол жыйып,
Курун селде чалынтып,
Кудуретке* жалынтып,
Кокондун колун алалык,
Кордукту койбой салалык.
Деп, өшөнтүп, айткан соң
Манастын уулу Семетей
Бакайга туруп муну айтат:
Кокуй, аба, не дейсиң?
Бу сөзүңдү ким уксун,
Казылган калың ор уксун,
Кайнатып койгон шор уксун.
Ашуусу кымбат бел уксун,
Мындан бөлөк ким уксун,
Калың кара жер уксун,
Эрен окшош Семетей
Таянганы темирдей,
Манастан туубай жерге кир
Кан Коңурбай Калчадан*
Качып кетти дедирбей,
Качып жүрүп өлгүчө,
Кармаш кылып өлөйүн,
Айлы алыс, жери ыраак,

www.bizdin.kg



Ал журтуңдун баарына
Кантип кабар берейин.
Кокуй, аба, не дейсиң,
Өйүз-буйүз турушам,
Айза жетпей баратса
Мылтык менен урушам.
Айза кармап, топ бузуп,
Дагдыр жетсе окко учам,
Өлбөгөн жерде калышам.
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча
Мыктап алты ай салышам.
Киргизбейби казган көр,
Жок кылбайбы кара жер
Аласа жакын келгенде
Сүйлөгөн куу тил кысылар.
Чын укуруk салганда
Кимдериң качып кутулар.
Казатка минчү чоң Буурул,
Онжоңдогон каранды
Оорукка минип көрөйүн,
Калдайдын уулу Калчанын
Кайраты канча билейин,
Кыжылдаган капырды
Каканга чейин сүрөйүн.
Алмамбет уулу Чорону
Белиме таңуу кылайын,
Эр Чубак уулу Чорону
Жаныма кароол кылайын.
Бажыга жыйган сан кара –
Кара баскан түмөн мал
Как тулпар үйрүн байлай бер,
Аба Бакай, карыя
Көп жылкыны айдай бер.
Жаныңа жапа келбесе
Аба, Бакай султан эр
Жылкыңды айдап жүрүп ал,
Жыргалым балам, кайда – деп,
Мени жети күндө күйүп ал.
Жети күн жете барбасам,
Өзүң көргөн көп жылкы
Жети күн союп жеп кеткин.
Жетик эле баатырлар,
Өзүң көргөн кытайдан
Кыргын тапты деп кеткин.
Жети күн жете барбасак,
Күн батыш шаарын сүзүп кет,
Күл ойрон балдар өлдү – деп,
Аба, Бакай, карыя,
Күдөрүң бизден үзүп кет!
Адырмак тоого токтоп кет,
Асыл балдар өлдү – деп,
Аба, Бакай, жоктоп кет.
Картайган Бакай, кан аба,
Көкчолок оозун бурбагын,
Күйөөрүм балдар өлдү – деп,
Жаныңа мүшкүл кылбагын!
Кыжылдаган капырга
Алдырып ийсек жаманат,
Картайган Бакай абабыз,
Бир теңирге аманат!»
Семетей мындай деген соң,
Ошондо Бакай карыя
Санаасы санга бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Карган Бакай абаңдын
Карагаттай көзүнөн
Камчы бою жаш кетет,
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетет.
Кайгы менен Бакайдын
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Эки көздөн аккан жаш,
Акырек ылдый төгүлүп,
Кыбыланы бет алып,
Кыдырдуу Бакай абаңыз

www.bizdin.kg



Алакан жайып балдарга
Аныктап колду көтөрүп
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Он эки бирге кол берип
«Кан ичип жүрүп катыккан,
Кара көкжал атыккан,
Жекени белге курчанган
Жети милек* жоо келсе
Жеке аралап кол салган,
Алты шердин кенжеси*,
Адамдын сүйгөн мендеси
Зайыпуруш эр көкжал,
Бузулган ишти оңдой көр,
Мурунку кеткен шер Манас,
Жетимдерди колдой көр!
Жылкыда тулпар Алабаш,
Аргымак, буудан* аралаш
Алмамбет, Чубак аты уйкаш,
Ааламды бузган эгизим,
Сыргак, Серек теңизим,
Ырчы, Шууту эреним,
Илгерки кеткен береним,
Уга көргүн сөзүмдү,
Урушка кирчү балдарга
Сала көргүн көзүңдү!
Ой, Семетей, кулунум,
Шай колдогон шер элең
Курдашыман айрылып,
Кураган Бакай мен элем,
Курдашка боздоп күйчү элем,
Баатырдан калган тукк – деп,
Балдарым сени, мен Бакай
Караан кылып жүрчү элем.
Балдарым, тилиң алайын,
Жылкыга дүрбөөн салайын,
Жети күнү жылкы айдап,
Жылкынын артын сүрөйүн,
Таласка айдап кирейин.
Жети күн сени күйөрмүн,
Жети күндө жетпесең
Алтымыш тай, кырк нарга
Сатып алган ак канжар,
Кынынан сууруп алармын,
Кый сүбөөгө малармын,
Силерден мүшкүл көргүчө
Өзүм өлүп калармын.
Тулпардан калган туяктар
Туу казанат чунактар,
Айзага таккан желектер*
Айкөлдөн калган белектер,
Кармашарың Каканчын
Туура тарткан кара кыр,
Кеңешпей ашчу тоо эмес,
Кечилдин каны Коңурбай
Менде беттээр жоо эмес.
Алөөкө кандын эр Калча,
Айзакерден ыктуу эле
Айлалуу кыйын мыктуу эле,
Аралаштың кытайга,
Аман барып, соо чыкчы,
Кан ичме Манас канкор шер
Кагышта көзүн салсынчы!
Алмамбет менен Чубагым
Жолдош болуп калсынчы!
Жети күн күйүп көрөрмүн,
Жети күн жете барбасаң
Ажалдан мурун өлөрмүн.
Алдырып ийсең жаманат
Жараткан жалгыз өзүнө
Силерди койдум аманат*».
Карганда Бакай абакең,
Кыбыла жакты бет алып,
Кыйкырып колду көтөрүп,
Атышка алган боз кисе
Мойнуна кынай салынып,

www.bizdin.kg



Ботодой боздоп ал Бакай
Кудуретке жалынып.
Балдарым аман болсо – деп,
Баабединин бат айтып,
Көзүн аман көрүүгө
Ай туяктан ат айтып,
Керемет Бакай карыя,
Азап менен ажалга
Моюнду сунган олуя,
Туйгун Бакай карыя
Тура албай ыйлап турганда,
Кайың эмес, тал ыйлап,
Балдарынын баары ыйлап,
Жылкыга Бакай бет алып,
Касаба* тууну көтөрүп,
Бакай кандын Көкчолок
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт,
Кайгылуу Бакай кайгырып,
Кайгуулга минип жүргөндө,
Калган экен Көкчолок
Жал-куйруктан айрылып.
Көкчолок атка конуптур,
Муну менен жарыктык
Жаманатты болуптур.
Убарлаш Манас шеринен
Ушинтип Бакай айрылып,
Өзү шордуу киши экен,
Ушинтип боздоп кайгырып,
Астындагы Көкчолок
Адырга салып дыр коюп,
Ал жылкынын артынан
Арыслан Бакай абаңыз
Айкайды арбын салды эле,
Дүңгүрөтүп каранды
Түк койбой тийип алды эле.
Бакай жылкы кууганда
Далай шибер, далай чөп,
Туяк тийип оюлуп,
Арт жагына карандын
Бөрү түлкү тоюнуп,
Адис Бакай абасы
Ала коюп добулбас
Орто жерге салды эле
Каран калган көп жылкы
Түгү калбай бир жерге
Түп көтөрүп дүңгүрөп,
Берен Бакай абаңдын
Эр экени көрүнүп,
Өң күлүктүн баарысы
Алды жакка бөлүнүп,
Адис Бакай ак жолтой,
 Астыга салса сан колдой,
Өзү көргөн жол менен
Абаң Бакай карыя
Өзөндүү булак суу менен
Абаң Бакай султаның
Эрениң кайдан аянды,
Адыр-күдүр ак кайкаң,
Өң жылкынын баарысы
Ак кайкаңга таянды.
Жылкы тийди зор Бакай.
Муну мындай таштайлы,
Жол тосуп турат үч баатыр
Ошондон кабар баштайлы.
Буурул менен булкунтуп,
Ээлендирип каранды
Эр өлгөндөй жулкунтуп,
Жай түлөгүн алганда
Кызыл буурул жаныбар,
Кыш түлөгүн алганда
Кара буурул жаныбар.
Буура көкүл, тайкы жал,
Аркар аяк, жез билек,
Аркар сындуу үкү аяк,
Чалгынга минсе чарчабас,

www.bizdin.kg



Алты айга минсе арыбайт,
Алтымыш асый болгончо
Азуу сайып* карыбайт,
Сом туягы чарадай,
Көчүк жаккы соорусу
Керилип кенен талаадай.
Чаткаяктын кеңдиги
Табылгы чыккан колоттой,
Маңдайында кашка тиш,
Таптап койгон болоттой,
Таноосунун кеңдиги
Капчыгайлуу өзөндөй,
Каран калган чочконун
Чокусунда көкүлү
Көзүнө ченеп түйгөндөй,
Менин атым болсо деп
Көргөн менде күйгөндөй.
Башы күндөн Буурулду
Каныкей сурап, зар ыйлап,
Карачанын Сайкалга
Кагыш кыла барганда
Тартып алып зор Манас
Семетейге арынап,
Аман болсо жалгызым
Бурак ат* кылып минсин – деп,
Булкунтуп жоого тийсин – деп,
Беттешкен менде жоо чыкса,
Жерине чейин сүрсүн – деп,
Жебелеп баккан бул Буурул,
Күрүчтөн күндө жем берген,
Бурулбай чалпоо болот – деп,
Бугудан чылбыр сүйрөткөн.
Колу коло болот – деп,
Будур жерге үйрөткөн.
Башына үкү тактырган,
Бирөөнүн көзү тиет – деп,
Ээн жерге бактырган.
Асыйында* ат болуп,
Арынаган балага.
Асый чыкма болгуча,
Ээн калган каранын
Ээн оттогон талаада,
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою аң келсе
Буйдалбастан чураган.
Буудандыгын билгенде
Буттап алтын зер тартып,
Букардын беги сураган,
Сураганга бербеген,
Бермек турсун каранды
Бейдаарат* киши минбеген.
Аркардай мойнун бураган,
Аркан бою аң келсе,
Арыш керип чураган.
Артыктыгын билгенде
Алоо алтын зер берип,
Ар кайсы кандар сураган,
Сураганга бербеген,
Бермек түгүл каранды
Суук кол жандап көрбөгөн.
Жолу каткан Арбуурул
Жото жилик жонгондой,
Жонуна адам конгондой.
Балтыры буура белиндей,
Баканы сырттын желиндей,
Арт жагы ичке, төшү жоон,
Көрүмдүү тулпар Буурул ат
Аркасы бийик, ээри бас,
Адырга салса оюбас,
Кызыл буурул, тайкы жал,
Кыйгачтаган карандын
Жаадай учат дыркырап,
Туяк тийсе кара жер,
Туш-тушунан быркырап,
Чуркаса көздөн закымдайт,
Бул кутурган Буурул ат

www.bizdin.kg



Кулан кууса такымдайт.
Кырк күнчүлүк жол тартса,
Кыясы мүшкүл чөл басса,
Кырк күн тынбай жол жүрсө
Кылт этип суу жутпаган,
Кырс этип чөп чалбаган,
Талыгып чөлдөн калбаган,
Кагышка минсе Буурулду
Талыкшып жүрбөй калбаган,
Туура тулпар Буурул ат
Окуранып жер чачып,
Олоңдосо каранга
Жер бузулуп оюлуп,
Чапчып ийсе кара жер
Кемегедей бөлүнүп,
Үстүндөгү Семетей,
Семетей түрү мына бу
Опол-Тоодой көрүнүп,
Кара чаар кабылан
Караан болуп көкжалдын
Капталында чамынып,
Чолок көкжал арслан
Оозун ачып комдонуп,
Бет алдында камданып,
Элестеп көзгө көрүнүп,
Көргөндө көңүл бөлүнүп,
Алп каракуш – зумурук*
Алып учуп кетчүдөй,
Асмандан бутун сунду эле,
Кара чаар жолборсу
Азыр алып салчудай,
Бир жагынан ал каран
Калчаң уруп турду эле,
Колдогону бир тогуз -
Колдоп калган кези экен,
Жөлөгөнү бир тогуз –
Жөлөп калган кези экен.
Бактысы ашып, таалайы
Манастын уулу көкжалдын
Жөнөп калган кези экен.
Кырк чилтен, Кызыр Илиясы
Кыйкырып айза сунуптур,
Кытайга сан миң кол болуп,
Караан болуп туруптур,
Аты Кызыр* дубана
«Балам, мындан бастыр» – деп,
Онжоңдогон Буурулду
Ач ооздуктан жетелеп,
Сүймөн болуп кырк чилтен
Калган экен өкүнүп,
Берендин уулу чунакка
Бет алып менде келгисиз,
Беттеп менде жеңгисиз,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер
Барааны бийик, заары күч,
Манастын уулу көкжалың
Басташканды кылат түз.
Зың-зың этип кенебей,
Каптаган кытай Коңурбай
Бучкагына теңебей.
Эрдик менен шердикти
Эзелден бери жараткан,
Берген экен ченебей.
Касаба колдо калкылдап,
Каран калган Аккелте
Айдалыда жаркылдап.
Кылыч кында кыңгырап,
Кыя тартып эр көкжал
Карап турат зыңгырап,
Алтын жаак айбалта
Ач билекке чалыптыр,
Манастан калган Зулпукор
Кындан сууруп каранды
Кынсыз кармап алыптыр.

www.bizdin.kg



Жабылган кытай каканга
Жана колун салчудай
Беленденип калыптыр.
Асмандан түшкөн Боз кисе,
Кайран жан менен дос кисе,
Кыйкырып белге чалганда
Кырк чилтен* жолдош бир болчу.
Сыртынан кынай чалыптыр,
Ач арсландай көз жайнап,
Каарланып ич кайнап,
Токсон түймө, кырк бүчү,
Толуктап кылган Аколпок
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана*, торгой көз,
Иштүү катын Каныкей
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс,
Алышка кирсе айза өтпөс.
Арыптап октон сологон,
Каранды жасап турганга
Канкоруңдун дүнүйө
Арбынырак корогон.
Балта менен бир салса,
Алтымыш мылтык атылган.
Ажалы жеткен душмандар
Ажалга өзү катылган.
Ичи жибек атылес,
Каран калган жыластын
Калыңдыгы жарым кез.
Орунбоор, Маргалаң
Орто жерин чалдырган.
Ошондон бери буланы
Зордуктатып алдырган.
Кемпир кынап, кыз тиккен,
Келишимдүү уз тиккен.
Ок өтпөс кылып иштеген,
Беризаада Арууке
Ал Арууке баш болуп,
Мелтиреген сулуудан,
Кызыл көйнөк, айча бел
Оймок ооз, бото көз,
Окшош тегиз кара көз,
Кылпылдаган сулуудан,
Панардай башка нурлуудан,
Зайыптардан сындуудан,
Сексен келин, сексен кыз
Сегиз жыл тынбай иштеген.
Жылан боор бүктүрүп,
Жылас болгон каранды
Жыбырата тиктирип,
Жакпаган жерин сөктүрүп,
Буттап болот эгетип,
Эгенди болот кара курч
Ортосуна төктүргөн.
Менде карап турбаган,
Кайыганда каранды
Болоттон кылган шибеге
Сайган сайын кыйраган,
Каныкейдин кырк келин
Түйшүгүнө чыдабай
Түгөнгөн буюм экен – деп,
Мынчалык адам ыйлаган.
Каныкей өзү септеген,
Кээ бир жери карандын
Темир менен тээктүү,
Кээ бир жери карандын
Алтын менен жээктүү.
Топчулугу бир тогуз,
Топчулуктун түбүнө
Топ алтын салып кайыган,
Карап турса карандан
Адамдын көзү тайыган.
Кайран энең Каныкей
Бүчүлүгү бир тогуз,
Бүчүлүктүн түп-түбүн
Болоттон коюп кадаган.

www.bizdin.kg



Айза менен мушташса
Айзанын учу жадаган,
Акыл ойлоп койбогон,
Кыйшык жерин оңдогон.
Кун куушуп салышса,
Ок жаңылып кетпес – деп,
Кайран катын Каныкей
Чоң жаңжалга жорогон.
Билбей койсом бекер деп,
Өлгөндө көргөн жалгызга
Ок жаңылып кетер – деп,
Тоок көз кылып кайыган,
Кош бадана, торгой көз,
Каран калган жыластан
Адамдын көзү тайыган.
Эр Коңурбай баш болуп,
Эчен түмөн кол келсе,
Эңкейтип айза тешкисиз,
Каран калган жыласка
Келтенин огу өткүсүз.
Буласын калың талдырган
Очогор огу оролуп,
Сырт жагына калтырган,
Бала Султан Семетей
Манастан калган муразы
Аколпокту кийди эле,
Сыр найза колдо короюп,
Адыр-күдүр белести
Ашып чыгып адуулап,
Астында каран Буурулду
Ок жаңылып кетпеске
Абай* менен жабуулап,
Маңкаңдата бастырып,
Доңкоң-доңкоң желдирип,
Ээликтирип жулкунтуп,
Ээн калган каранды
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Төрө көкжал Семетей
Дөбөгө чыгып беренин,
Ардай болгон Буурулдун
Алып оозун бурду эле,
Астындагы чаңырык
Болжоп карап турду эле.
Карап туруп Семетей
Кан ичмеси чын кармап,
Каарланды, бакырды.
Мына ошондо көкжалың
Күлчоро менен Канчоро
Экөөн катар чакырды.
Эки баатыр эр Чоро,
Ааламды бузган шер Чоро,
Абасынын жанына
Эки Чоро жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Эки жагын каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Балбандыгы башкача,
Күлчоро менен Канчоро
Баатырдыгы бир канча.
Көк темир тон кийинип,
Көк болот айза колго алып,
Алтын чырай, нур беттүү,
«Айланайын абакем,
Каарың келип бакырсаң
Үнүң бузук баштады,
Тоо капчыгай чыккан тал
Токтоно албай үнүңөн
Кулап кете таштады,
Ай, абаке, чыныңды айт,
Казып койгон ор барбы,
Кайнатылуу шор барбы,
Чуусу кулак тундурган
Чубалжыган кол барбы.
Белесиң кайкы тоо барбы,
Айланайын абаке,
Беттеше кетчү жоо барбы?» –

www.bizdin.kg



Деп, өшөнтүп, чоролор
Аттын оозун бурду эле,
Төрөсүнө муну айтып.
Анда туруп Семетей:
«Бу жерде кармап минер буудан жок,
Каран калган дүнүйө,
Экөөңдөн башка тууган жок.
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок!
Жер жайнаган кол келет,
Жеткилең жанга зор келет,
Тулпар чарчап, ал кетсе
Кармап минер буудан жок,
Караан болуп берүүчү
Каран күн кыргыз тууган жок,
Кайнап жаткан капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Кимиң кирип кол саласың,
Алакандай кыргыздын
Убал-сообу болобу,
Милдетин кимиң аласың?
Күлчором менен Канчором,
Жекеге кимиң барасың?
Кимиң барсаң аның бар,
Бир кишилик алың бар.
Тулпар оозун буруп бер,
Кудай үчүн, мен үчүн,
Куп кыргынды кылып бер.
Жазайыл* тийсе жаркылдап,
Жалт этип качып кетпестен
Туу түбүнө туруп бер.
Жамгыр кылып жаа тартса,
Жалт этип качып бербестен,
Чын канкоруң өзүнө
Чын кызматың кылып бер!
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби?
Толкуп жаткан мунарык
Токойбу десем, эл экен,
Тобунан толкуп көп кытай
Каптап калган кези экен.
Жылма караан жылтылдак,
Жылтылдак десем от экен,
Күдүрөйгөн чоң караан
Кайкы десек, эл экен,
Кайнап кытай чуу тартып,
Каптап калган кези экен.
Бек айдаба көп колду,
Акырын айдап жылдырып,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Айгайы кулак тундуруп,
Камышты көр, селди көр,
Каптап жаткан элди көр,
Жел согуп чыккан чөптү көр,
Чөпчөлүк кытай көптү көр,
Кудай бетин көрсөтпө,
Жер жайнаган колду көр,
Кол алдында Коңурбай
Опол-Тоодой зорду көр.
Жазайыл тартып Бээжинге
Көргөнү келген экенбиз.
Кытай илек, биз үчөө
Өлгөнү келген экенбиз».
Семетей айтып турганча,
Айтып оозун жыйганча,
Оң жагына караса –
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды караса
Беркилерден жан чыгат.
Алөөкөнүн Коңурбай
Акылга дыйкан доңуз ай,
Чет-Бээжинге туулган,
Алтысында Коңурбай

www.bizdin.kg



Бээжинге салган чуулган.
Сегизинде серпилип,
Тогузунда toktogon,
Дал он жашка чыкканда
Чынмачынды-Каканды
Чыны менен оттогон.
Он бирге жашы келгенде
Каканчынды камаган,
Кайыр айтар жан калбай,
Кез болгонду сабаган.
Он экиге келгенде
Ойронду опсуз баштаган,
Муну менен Чоң-Бээжин
Каарына чыдабай
Бузулуп кете таштаган.
Керүүгө салган там ошол,
Кечилдин мыкты каны ошол.
Көрсөң ушул Коңурбай,
Көкжал тууган доңуз ай,
Белеске салган там ошол,
Бээжиндиктин каны ошол.
Кабарды катуу салыптыр,
Өлгөнүнөн калганы
Коңурбайдын алдына
Чогулушуп барыптыр.
Айзакерден ыктуусун,
Эң айлачыл мыктуусун
Чогултуп айдап алыптыр,
Кол алдына салыптыр.
Алтындан тизгин булкунтуп,
Алгараны жулкунтуп,
Көрсөң мындай Коңурбай,
Жүрүмүнөн чаң чыгып,
Каарынан жан чыгып,
Алөөкөнүн Коңурбай
Айласы тегиз доңуз ай,
Кара дүмөк козголуп,
Жер жарылган кол болуп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Катыны кара басkансып.
Жон-жондоп Калча бакырып,
Жоо кайдалап чакырып,
Буйрукту Калча кылыптыр,
Мунун сөзүн укканда
Калың кытай каканды
Түгөл Кудай уруптур.
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Түптүз айза сунуптур,
Айкалышып туруyга
Кез болсо айза сунууга
Кезенишип балбаны
Келген экен кол болуп,
Азар түмөн козголуп.
Айзанын башы кагышып,
Адамдын башы чабышып,
Кагышка кирсе кытайдын
Адаты экен абыдан,
Каканчынын калкы экен,
Каны буйрук кылганда
Каптап кетмей салты экен.
Опол-Тоодой дөөлөрү,
Ал дөөлөрдүн артынан
Ат оюнчу жөөлөрү,
Чалт уруучу ыктуусу,
Кол салуучу мыктуусу,
Айзакерден баатыры,
Адам тийсе колуна
Далдал кылчу капыры,
Күрмө кийген күчтүүсү,
Алышка артык даңгылы
Беттешкен тийсе колуна,
Нан кылуучу камбылы.
Менделен бөлөк зорлору,
Бет алганды соо койбой
Жеп ийе турган болжолу,
Качыр минген калктары,

www.bizdin.kg



Кармашып менде* чыдабайт
Жаман экен салттары.
Каруусу толук капыры,
Бет алганды койбогон,
Бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон,
Ушундай шумдук баатыры
Белесте турган экөөнү
Жоо мында деп бакырып,
Жолу болгон Коңурбай,
Ошол кезде карасаң
«Мөндү!»* деп ураан чакырып,
Каарланып балбанын,
«Каптап кет*» – деп бакырып,
Кылкылдап кытай жеткени.
Кыйын экен Коңурбай,
Даярданды балбаны.
Жардык кылса жаңжусу
Жабылмак болду кол салып,
Баарын байкап карасаң
Жаа, саадагын колго алып,
Бул үчөөнө карата
Жамгырдай кылып жаа тартты,
Мөндүрдөй кылып ок атты.
Каарды катуу баштады,
Кан Коңурбай эрендин
Каарына чыдабай,
Ошол турган кара жер
Калтылдап кете таштады.
Мунара күйгөн чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр!
Мөндүрдү көр, селди көр,
Кайнаган кытай элди көр!
Толкуп каптап дыркырап,
Толгон ок тийип чыркырап.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып.
Казылган калың ор болуп,
Кайналуу мүшкүл шор болуп,
Кайнап кытай козголуп.
Толкуп калган жерине,
Толгон кытай элине
Тоо туруштук бергисиз,
Коңурбай салган чоң чабуул
Адам чыдап көргүсүз.
Жаанын огу дыркырап,
Жазайыл огу чуркурап,
Айзанын учу көрүнүп,
Тегеректеп кетчүдөй.
Чоюн баштуу* балбаны
Чет-четинде көрүнүп,
Темир аркан торчону
Жан жагында оңдонуп,
Тегиз канжарколчону*
Тегеректеп кетчүдөй,
Калган экен оңдонуп.
Айкайы арбын дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп.
Беттешип айза сундуруп,
Каары кулак тундуруп,
Калың кол каптап калды эле,
Ал колдун түмөн бетинен,
Кутба жакка четинен
Жана чыкты башка дөө,
Көбү шайдоот, күлүк, жөө.
Адам билгис көзү бар,
Мурунунун үстүндө
Көнөктөй жалгыз көзү бар,
Адамдан бөлөк түрү бар,
Бет алышкан адамды
Уруп, жанчып, талкалап,
Тепсеп кетчү жөнү бар.
Мендеден бөлөк дөө экен,
Айбан эмес, жөө экен.
Бир уруу кытай уругу,
Сазаң-шаң эли дээр экен.

www.bizdin.kg



Балбансың – деп, Коңурбай,
Бар мүчөсүн жактырган.
Кайраты мыкты болсун деп,
Бет алгандын баарысын
Уруп, жанчып, тойсун деп,
Каарланып какайып,
Кармашкан жоого жетсин – деп,
Таамай уруш кылганы
Талкан болуп кетсин – деп,
Казыналык ажайып,
Ажайыбын арттырган,
Азуулу менен аралаш
Эңгиреген жыласты
Эркелете бактырган.
Бет алса жанды койбогон,
Бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон.
Ал, каптагын! – дегенде,
Акыр заман салчусу
Айт! – деп койсо Коңурбай,
Бет алышкан адамды
Беренде болсо соо койбой,
Тирүү байлап алчусу.
Каруусу толук капыры,
Карасаң түрдүү баатыры.
Ошо жандын тукуму.
Мунун энеси Инди жалабы
Атасы кытай долусу,
Адамдын алы жетпеген
Арысландын тиши өтпөгөн,
Айбанга чалыш доңузу.
Эңкейтип эрлер албаган,
Эч кайсы чыдап барбаган.
Аты Маты дөө экен,
Жаңгыз көздөн ал каптап,
Жабыла чокмор сунду эми.
Кагышчу жооң кайда – деп,
Кан Коңурбай баатырга
Каарланып турду эле.
Мына ошондо береки,
Ачуусу келип Калчага
Акырайып күүлөнүп,
Жоо кайда? – деп сүйлөнүп,
Улук Бээжин кең шаардын
Сен улугу элең Коңурбай,
Тебелеп бузар тоо кайда,
Тең келишчү чоң бурут
Манастын уулу бадырек,
Билеги жоон, таш жүрөк
Биздин көздөп келген чоң канкор,
Көмүлгөн бурут жоо кайда!
Атка оюнчу, жөө күлүк,
Душман бурут келди – деп,
Калкыма берип кабарды,
Неге салдың чоң бүлүк.
Кан буйругу келди – деп,
Каарды катуу баштадык
Жердеген жерим Сазаң-Шаң,
Сазаң-Шаңды таштадык.
Урунаарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай,
Ушун этип турамын.
Убара кылсаң сен бекер
Каканчынды Бакбурчун,
Улуңту-Дыңша ушу журт,
Уяңды бузуп кырамын!
Кырып ийер себебим,
Кысталак бурут келди – деп,
Бүлүк салдың жериме,
Дүрбөн салдың элиме!
Качырдан ылоо байладың,
Кырк эшиктүү Бээжиндин
Кыйыныдыр Эсен кан
Жайы-кышы жөн жаткан,
Эсен кандын тагынан,
Так алдында багынан,

www.bizdin.kg



Эшиги темир ордодон,
Ажайып турган коргондон,
Бүлүк кылып сен Калча,
Булүнтүп чогуу айдадың!
Буруттун колу келди – деп,
Манастан ашык шерлерди,
Каканчылуу Бээжинди
Какайлатып кытайды,
Кырып кетчү эрлерди
Бүгүн көзүм көрдү – деп,
Жалган айта салганың,
Маңжуларды балбанды,
Албан түрдүү кандарды,
Неге мынча айдадың!
Сексен ашып токсонго
Барып калган чагыңда,
Сакалың куудай ак болуп,
Карып калган чагыңда,
Жалган айтып салганың
Мынча неге айдадың!
Атбороюн сыдырып,
Ааламдын баарын кырдырып.
Түбүмө чогуу жетти деп,
Алгаранын куйругун,
Карагулдун сакалын
Түгөл жулуп кетти деп,
Кара жолтой кан Калча,
Калп айтканың кантемин!
Деп, өшөнтүп, Маты дөө
Коңурбайга муну айтып,
Беренденип белсенип,
Белески тоодой теңселип,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк борчук тоодой көрүнүп.
Бапбоз качыр ат минип,
Бозала калкан салынып,
Ачууланып турду эле.
Тиштеп турган чоң канжа,
Бир буумдай тамаки
Канжасына урду эле,
Кытай оттук, боор таш,
Жолум үйдөй куу кармап,
Кырып ийип от коюп,
Канжасына чок коюп,
Коркурата сорду эле,
Карып калган чиркиндин
Кумары жетип канды эле.
Кое берсе түтүнү
Кол учтуктай буркурап,
Азар түмөн калың кол
Оозундагы түтүнгө
Адашчудай чуркурап.
Күрмө кийген кандары,
Күчтүүсүнгөн жандары,
Акылманы, шерлери,
Айлакечтүү эрлери.
Үтүрөйүп-түктөйүп,
Баары жогун карасаң
Одурайып камданып,
Кайраттуу экен көрчү – деп,
Кытайлардын Коң төрө
Кылымды билген зор төрө.
Беттеп менде келбеген,
Менде уулунан жалгыз жан
Каяшаак бербеген,
Эрен да болсо, шер болсо,
Адам азар салбаган.
Кырк кан эли кытайда
Эр Коңурбай баатырга
Кайыр айтар калбаган,
Жүрүмүнөн чаң чыккан,
Казыр дөөнү көрдүң – деп,
Улук эле Коңурбай,
Ушу дөө келип баатырга
Каяшаак берди – деп,
Калың балбан таң калды.

www.bizdin.kg



Коңурбай менен экөөнү
Койгулаша кетет – деп,
Кол токтотуп жалданды
Кылымда барбы мындай иш,
Мады дөөгө таң калды.
Мына ошондо Коңурбай
Ачууланып күркүрөп,
Карап турган адамдын
Токтобой бою дүркүрөп,
Көк күбөнү жамынып,
Көрсө ушул Коңурбай
Көк жолборстой чамынып.
Асты жакка көзүң сал
Ай, Мады дөө тилимди ал,
Айтканым ушул билип ал!
Атасы Манас арслан шер,
Маамытбек баштап Мадыкан
Атаңды кырган ошол шер!
Бул Алтайда туулган,
Он экиге келгенде,
Ордо бузуп, эл кырып,
Бизге салган чуулган.
Өзү бурут дилинде
Бизге душман зилинде.
Он экиге келгенде
Каарды катуу баштаган,
Кочку, Дөңгө, Оргону,
Ошолордун баарысын,
Жашы менен карысын,
Эсенкан кандын элчисин,
Чалгын чалчу жерчисин,
Душман менен тууугандан
Кабар алып берчүсүн,
Кармаш кылып талаада,
Кагышты катуу баштаган,
Атасы Манас чоң канкор
Такыр койбой бирөөнү
Такыр кырып таштаган.
Тобурактын жолунан,
Чоң Жолойдун колунан,
Белсенип согуш, бир салган.
Балбандан бир миң кан өлүп
Керишкен жандын баары өлүп
Асмандан булут тутулуп,
Калмактардын кан Жолой
Жаралуу болуп кутулуп,
Алты миң балбан а жолдо
Ажалга минтип тутулуп.
Калайман чырды бир салып,
Миң төөдө чайды бир алып,
Каарды катуу салды эле.
Жылкысын коюп кытайдын
Уйларын тийип алганда
Кечилдер тийсе колуна,
Кудай урган куу бурут
Куулугун кесип салды эле.
Канкору элге билинген,
Канкор бурут экен – деп,
Укумунан-тукуму
Түгөнүп жүрүп өлгөн – деп,
Бул буруттун эрдиги
Бээжиндин Кары канынын
Даңзасына чийилген.
Калың кытай, көп манжуу,
Улук болуп турганда,
Менин атам Алөөкө
Ак үйлүү болуп бурутка,
Жеке бурут эл эмес
Ар жагында журутка.
Кең Маргалаң калаага,
Келишкен бопбоз талаада.
Канча үзүлбөс тор алып,
Кытайдан кырк сан кол алып.
Ак үйлүү болуп турганда,
Алтын менен көхар таш
Атын салып алымга,

www.bizdin.kg



Алман алып турганда,
Анда Манас атагы,
Азыр кетпейт көөнүмдөн
Андагы салган чатагы.
Каранды катуу баштаган,
Кан атамдын казына
Түп көтөрө чоң канкор
Түркүгүн сууруп таштаган.
Түгөнүчтүү бүлүктү,
Алдырып минген буруттан
Аккула өңдүү күлүктү.
Өрттөнүп кеткен ал бурут
Мендесине бербесин,
Атама салган бүлүктү.
Төрө калдай атамдын
Төбөсүнөн басыптыр,
Төрт сан колун өлтүрүп,
Атакемдин сан дүйнө
Зарып кылып чачыптыр.
Эрдигин билип Манасты,
Зыйкырдан билип кан атам
Казынасын, тактарын,
Сейилге сайган бактарын,
Ажайыбын, ордосун,
Баарын таштап атакем
Ала-Тоону жакалап,
Сай буудандын баарысын
Болот менен такалап.
Эрлигин көрүп Манастын,
Эсеби жок шашыптыр.
Калың дүйнө, жыйган мал
Кылча көрүп кылчайбай,
Менин атам Алөөкө
Бээжин көздөй качыптыр.
Ээр мойнок ашыптыр,
Кең-Кашкарды басыптыр.
Тулпарды кайра такалап,
Кең-Кашкардын Ала-Тоо
Күн чыгыш көздөй жакалап,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Күч аябай мол жүрүп,
Жаман-Суудан өтүптүр,
Кум-Арыктын кең Ак-Чий,
Кең Ак-Чийдин кашатча.
Кең дайрадан кечиптир,
Алтын арткан көлүктү
Арыслан атам келиптир,
Көлүктүн баарын жайдактап,
Актан чатыр тигишип,
Жан казанды кайнатып,
Жалаң тулпар бедөөнү
Кермеге кенен байлатып.
Барабанын тарттырып,
Алтымыш кытай ырчыга
Сейилге жүргөн кан атам,
Тегиз жомок айттырып.
Кең-Аксайдын Чаткалда,
Тамаша кылып жатканда,
Төрө Манас, Бакайга,
Төбөңдөн тийген бул бурут
Элден элдир кеп угуп,
Кары кандын Алөөкө
Кепалга качты деп угуп.
Буруттан ушак кеп угуп,
Бул Алөөкө үлкөн кан
Бээжинге качты деп угуп,
Жөөжелдети Кочкусу,
Баштай качты деп угуп,
Маргалаң деген үлкөн шаар
Таштай качты деп угуп.
Ал Манастын жолдошу
Кысталак Бакай оңбосун,
Ишке даана, жолго уста,
Жолчу Бакай кабылан,
Белеске жолун чалыптыр.
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,

www.bizdin.kg



Көгала калкан ойногон,
Мушташса жоого тойбогон,
Беттешкен жанды койбогон.
Башын баргек бөлөгөн,
Аягын сары алтынга жөлөгөн.
Ээрчиткени эр Бакай,
Жаман сөз айтса таңылгыс,
Караңгыда карсактын
Изин кууса жаңылгыс,
Атамдын изин көрүптүр,
Көргөндө Бакай кутуруп,
Из кубалай бериптир.
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп калыптыр,
Куу изине чөп салып,
Кутура кууп алыптыр.
Ат-Ойнок менен Көкбөрү,
Канкор Манаска чоро жөкөрү.
Байы менен күзөөсү
Байкур балбан бүт өзү,
Көрдүңбү канкор күчөшүн.
Себилдүүсү сексен төрт –
Серпишкен жагы кызыл өрт.
Балбан Бакай шерлери,
Баары көйкашка эрлери.
Кырк жерден келген кырк жоро,
Кырк жоро эмес, кырк чоро.
Кыраан бурут чогулуп,
Азыр жердин аты бар
Уруш кылган жериңде,
Ушундай болгон каркыбар.
Түн ортосу мезгилде,
Ат-Ойнок болсун аты – деп,
Ак өзөн тайпаң керүү деп.
Арам өлгөн Алөөкө,
Алыша кетсе кокустан,
Аша каччу жери – деп,
Аңырайган капчыгай,
Арманым айтам бир далай,
Ат-Ойнокту коюптур,
Көмүркөйдөй кара тоо –
Көчүк жагы үлкөн зоо.
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз аттын чубама,
Көрүнбөй качып кетет – деп,
Көкбөрүнү коюптур,
Ал Ат-Ойнок, Көк-Бөрү,
Ошол күндөн ушул күн
Сурасаң угуп аларсың,
Эрендин аты болуптур.
Үйүң күйгөн куу бурут
Балбанын жыйып зекитип,
Бардыгер жолун бекитип,
Каарды катуу салыптыр.
Бай менен күзөт Байгурду,
Ал Манастын жолдошу
Баары каччу жолдорду,
Балбаны тозуп калыптыр.
Каарланып экөөлөп,
Оңжоңдотуп кула атын
Он эки жайсаң жетелеп,
Жекени белге курчанып,
Таңга жуук убакта
Баштыгы Манас кан болуп,
Жер жайнаган атама
Жеке кирип кол салып,
Манас келип кириптир,
Кан атамды баш кылып
Быт-чыт кылып ийиптир.
Кочкуларды коройтуп,
Капка баккан жайсаңды
Такыр кырып соройтуп,
Менин атам Алөөкө
Баатырсынган эренди
Төбөсүнөн басыптыр,
Төөгө арткан сан дилде

www.bizdin.kg



Тартып алып буларды,
Ээлерине чачыптыр.
Манжуулары көрүптүр,
Түгөл калбай түпкүрө
Түгөнгөн Манас канкордон,
Кан ичүүчү анткордон,
Түйшүктү мынча баштаптыр,
Түп көтөрө таптакыр
Түк койбой кырып таштаптыр.
Ал сан колдун ичинен
Атамды кармап алыптыр,
Каары тозок Алөөкө
Кармашты неге салдың – деп,
Канча дүйнө, сансыз мал
Бусурмандан алдың – деп,
Бузукту мына салдың – деп,
Жети атаңдын өчү жок,
Башкы атаңыз каканчын,
Бардыгер өчүн алдың – деп,
Кайрат кылган жандарын,
Кара жолтой сен чочко,
Канын иче салдың – деп.
Алдууларды, эрлерди
Алтайга айдап кул кылдың,
Катындарын тул кылдың,
Кыздарын алдың олжого,
Малдарын бердиң сен чочко,
Кечилдеги молдого.
Эми каран Алөөкө,
Таласка жыйдым көчүмдү,
Талкалашып каканчы,
Таптакыр алам өчүмдү.
Кең-Колго курайм көчүмдү,
Кежилдешип урушуп,
Кечилден алам өчүмдү.
Алтайда атам кор болду,
Атактуу канкор атыгып,
Бүгүн башым зор болду.
Сураса бербес дүнүйөң
Суук укуруk салайын,
Жалынса бербес казынаң
Моминтип тартып алайын!
Деп, өшөнтүп, зор Манас,
Менин атам Алөөкө
Алтымыш жайсаң балбаны,
Ач билектен алыптыр,
Жол үстүнөн сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарыптыр,
Санасам күйөт кумарым,
Чынмачында – Бээжинде
Чын ажыдаар алдынан,
Ошол кезде мен Калча
Окууда турган убагым.
Алты күлүк ат барып,
Алөөкө кан өлдү – деп,
Бээжиндин алтын тагында,
Сейилге курган багында,
Ажыдаардын алдынан,
Окуп турган чагымда
Атам Алөөкөнү союптур,
Алөөкөнүн сан калдай
Бирөөн тирүү койбостон,
Баарын союп салыптыр.
Чыдай албай чунак жан,
Каарды катуу баштадым.
Кайыр айткан кандарды,
Каяша берген жандарды
Такыр кырып таштадым!
Көрүп турган көз ушул,
Мады балбан, кебимди ук,
Саган айткан сөз ушул!
Чоң-Бээжиндин кагышта,
Чоң казаттын чабышта
Эрдигин көрдүм Манастын.
Маңдайы темир Маңкүш алп,
Кулагы темир Кутан алп,

www.bizdin.kg



Киндиги темир Китен алп,
Карагер минген казаң деп,
Канчабыз кирип сайыштык.
Эңкейип балбан эңбеген,
Кызыталак канкорду
Кыйшайтып бир жан жеңбеген,
Бет алып менде келбеген,
Беделин тирүү жан чыдап көрбөгөн.
Телегейи тең эле,
Ичин көрсөң канкордун
Жер үстүнөн кең эле.
Жан жаралып кишиден
Жакында чыкпайт деги эле.
Кыргынды кызык баштаган,
Аталган алп-дөө, балбанды
Кыргын кылып таштаган.
Аккуланы мингенде,
Манас-Манас болгондо,
Барбайып атка миңгенде,
Беттешкен чыдап турбаган,
Белгилүү канкор экен – деп,
Бээжин журту ыйлаган.
Козголгондон чаң чыккан,
Кобурунан жан чыккан.
Ок жетпеген аты бар,
Кемитпейли беренди
Ошондой эле каркыбар,
Ай-ааламды буй кылган,
Ошончолук баркы бар.
Атаңдын көрү, Мады дөө,
Сызаң-Шаңдын шаарынан,
Каалап келдим айлыңдан.
Казынага бактырган
Бээжинден чыккан кырк аяр
Эр экен деп сен чиркин,
Зыйкырды көрүп жактырган,
Белдүү балбан сен элең,
Бет алышкан жоо келсе
Айкайды арбын салар – деп,
Ар бир мүшкүл иш келсе,
Бээжинге мүшкүл күч келсе,
Ажыратып алар – деп,
Ишенгеним сен элең.
Мады балбан, кебимди ук,
Сенин бу сөзүңдө чала бар,
Дүмөктүү көкжал канкордон
Өзүнөн өөдө бала бар.
Кыраңдан сынап мен көрдүм
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузчу шер экен,
О дүйнө кеткен канкордон
Копсолоң тууган неме экен!
Шай колдогон шер экен,
Атасы Манас көкжалдан
Артылта тууган неме экен.
Зордугу тоонун теңиндей,
Чапчыша кетсең окустан,
Чалыша кетсе кокустан,
Түгүңдү түк бир таштабай,
Түп-түздөн чогуу жегидей.
Бай-бай, корком чоң Мадым,
Манастан артык туулган,
Каканчыга-Бээжинге
Кармаш кылса Семетей,
Сала турган чуулган!
Күчкө алып, сан балбан
Тегеректей калбасак,
Өлтүрбөстөн – житирбей,
Тирүү кармап албасак.
Кан алдында чоң зындан,
Алып барып салбасак.
Буурсунун бурдурбайт,
Буюрбасын калп айтсам,
Бу Бээжинге тургузбайт.
Четтетип жылкы жайлатпайт,
Эрдигин көрдүм бу канкор
Эгин-тегин айдатпайт,
Жан койбогон бу бурут

www.bizdin.kg



Жаздын күнү тургузбайт,
Жалдуу байтал миңгизбейт.
Күздүн күнү болгондо,
Күчөчү болсо бул бурут
Куйруктуу козу жегизбейт.
Кериш кылсаң кокустан,
Кечилдин баарын оройтуп
Манжууларды талкалап,
Такыр соет соройтуп.
Бет алчу болсо, бул бурут
Бээжинге айдап кирчүдөй,
Кармашчу болсоң бу бурут,
Каканга чейин сүргүдөй.
Бет алган жоону көргөздүм
Бекем эрдик сал, Мады.
Бет алчу болсо Семетей
Бээжинге айдап бар, Мады,
Кармап берсең төрөнү
Дегениңе көнөмүн,
Чет-Бээжиндин кандыгын
Мадым, сага беремин!
Алтын таажым кийгизем,
Алтындан такка мингизем.
Калкыма кабар саламын,
Каканчындын Бээжинге
Эрдик кылсаң, ой, Мадым,
Кан көтөрүп аламын!
Жарлык кылып журтума,
Жарым кан кылып саламын!
Күчтүү болсоң, шер болсоң,
Күүлү Мады, эр болсоң.
Чындашкан жоом Семетей
Чыңалуу кызыл темирдей,
Кармашарым Күлчоро
Зордугу тоонун теңиндей.
Каймана жоом Канчоро
Карап турчу эр эмес,
Капталдан жаасын жаадырбай
Дүмөк да ушул, кан да ушул
Түгөнчү мүшкүл жоо ушул!
Эстүү киши ойлосо,
Эр Манастын колу экен.
Кун кубалап Бээжинден,
Семетей келген кези экен.
Камынтпай колду сабасак,
Камындырбай урушуп,
Как ушинтип байлап албасак,
Алдырып салсак кокустан,
Бээжинге аман кетпейбиз,
Эр Манастын кунуна
Эченди берип жетпейбиз!
Үйүң күйгөн бу канкор
Тартуу кыл деп малды алат,
Бээжинге бекем кол салат.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүнө кол салат,
Таштуунун баарын талкалайт,
Казына бузуп, дилде алат.
Дилде жүктөп, билди алат,
Кызыл көйнөк, айча бел,
Кыйгачтаган бураң бел,
Кыска буттуу, кең дамбал,
Кыйын сулуу тейтейден
Мындан сулуу кызды алат.
Анан Манас куну – деп,
Уккун кытай, муну! – дейт.
Алмамбет, Чубак, Сыргактын
Музбурчак, Көкчө кандардын
Бокмурун, Шыгай жандардын
Булардын кунун бергин деп,
Капканын оозун кан кылат.
Бу сөзүмө көнбөсөң,
Булардын кунун бербесең,
Койдой союп жай кылат!
Башыңан туман кетеби,
Бакылдайсың сен, Мады,
Кыраандардын кунуна
Кытайдын малы жетеби!

www.bizdin.kg



Байка, Мадым, ушуну,
Башыңан дүмөк кетеби!
Келгенден ушак кеп уктум,
«Белди бекем бууганы
Бет алып чыкты деп уктум.
Бээжиндеги кытайдан
Кыргын болгон бул жерде,
Кыраандын кунун кууганы,
Эртиштен алды жылкымды,
Эсепсиз кырды журтумду.
Маңдайдан тийди малымды,
Сакалын жулуп кул кылды
Карагул деген канымды!
Көрдү Бээжин шаарымды,
Бирөөн койбой союптур,
Мурадыл балбан канымды!
Мурадыл жайын айтайын!
Элдин четин жердеген,
Мурадыл аман барында
Бээжинге бир жан келбеген
Муну жутту Семетей.
Кыргын салбай коебу,
Эрдигин көрүп шаштым мен!
Балбандар сага ишенип,
Баздашбай кайра тарттым мен.
Канча кызык кылдырдым,
Алты миң кытай, сан калдай,
Акыл тапкыч кырк төрөм
Чогуусу менен кырдырдым!
Караан болор бекен – деп,
Каканчыны, Дыңшаны,
Казыр журтум, ойлончу,
Айдап келдим мынчаңды!
Айтканым ушул билип ал,
Тирүү кытай, көп манжуу
Тилектешим сан калдай,
Ушул сөзүм билип ал!
Балбандарым – шерлерим,
Баарың угуп, тилимди ал!

Кагышты катуу салалы,
Бурутуна жеткизбей
Буларды айдап алалы!
Таласка камап баралы,
Талканды таза салалы!
Таласта аргын, кыргызын
Кулданып байлап калалы!
Төбөсүнөн басалы,
Төрт түлүгүн чачалы!
Төрөсүнгөн канкордун
Төрүнө кудук казалы!
Кылыч сүйрөп кирели,
Кылжыңдаса буруттун
Так куйкасын тилели!
Эрен экен минтели,
Кызыталак буруттун
Бир бокчосун тинтели!
Буланы булап алалы,
Бузукту мынча салалы!
Тыптыйпыл кылып кыйратып,
Сыйпап кырып салалы.
Кайра тийип бээсин,
Кайрат кылса саксаңдап
Жайната муштап мээсин,
Чыгаралы буруттун
Капкайдагы кээсин.
Кыя менен бурутту
Желбегендей кылалы,
Коркуп, үркүп Бээжинге
Мындан кийин бу журтту
Келбегендей кылалы!
Бир кыргынды салалы,
Кун куучу буруттун
Бир чаначын жаралы!
Мазакты башка айталы,
Катыны эмес буруттун
Кыздарын алып кайталы!
Кыйкырып Калча момунтип,
Каарды катуу баштады.

www.bizdin.kg



Каарына чыдабай,
Кайнап жаткан түмөн кол
Коңурбай каарын укканда
Бузулуп кете таштады.
Бар экен Калча кан аты,
Улугу минтип турганда
Катындарча жүгүнгөн,
Түбүнөн берки адаты.
Дүңкүлдөк кулак тундурду,
Каптап өтүп кетчүдөй
Колу жайнап бет алып,
Болоттон калкан көтөрүп,
Колдун алдын жылдырды.
Асман жарган чуу болду,
Айкайлаган дуу болду.
Алтын айлуу сыр канжа,
Артык экен кытайдын
Алачыктай эр Калча.
Калчанын үнүн укканда,
Он башылар ороктоп,
Байкасаң дүмөк мындай иш,
Айзалары короктоп.
Жүз башчысы жүгүрүп,
Миң башчынын баарысы
Жөн эле жандан түңүлүп.
Артык экен Коңурбай,
Жаалды жаман баштады.
Коңурбай түрүн көргөн жан
Өлдүк ко деп жөн эле
Жандан кечип таштады.
Кумурскадай кыжырап,
Курчап кетчү немедей
Төгөрөктөп быжырап.
Айзанын учу кызарып,
Асманга учту мунарык
Асман ачык, жер бүркөө,
Жарден бир жан көрүнбөйт.
Топурак учуп, тоз кайнап,
Элден бир жан көрүнбөйт.
Камыштай, айза быжырап,
Калык каптап быжырап,
Кырк күндүк түн жээгинде,
Чоң Дыңшанын бетинде
Кудай бетин көргөзбө,
Кара курттай былкылдап,
Калкы чыгып келатат.
Кара кытай, көп манжуу
Жалпы чыгып келатат.
Качыр минип, айза алган,
Кадимки малча айдалган
Каны чыгып келатат.
Кайнап кытай каканчы
Ар жагында мунарык
Дагы чыгып келатат.
Таш өзөндүн талаада
Жайнап чыгып келатат,
Кум өзөндүү талаада
Курттай кайнап көп кытай
Дагы чыгып келатат.
Адам дүрбөп жүргөндө
Аламан салып киргенде
Күндүзү кара түн болду,
Ушундай мүшкүл күн болду.
Чубактын уулу Канчоро
Кытайдын түрүн көргөндө
Кызталак жандан түңүлдү.
Кыйын шери Семетей
Күлчоро көздөп жүгүрдү.
Астындагы мингени
Көбөштөн түшкөн Көктелки
Көктелки оозун бурду эле,
Көргөндү айтып турду эле:
«Айланайын абаке!
Каптап кетер сел көрдүм,
Караандуу шумдук эл көрдүм.
Казылган терең ор көрдүм,
Кайнаган түмөн кол көрдүм!
Кырк уруу кытай каптаса

www.bizdin.kg



Жазайыл тийсе куу жанды
Көрүп калар бекенбиз.
Айза кармап, топ бузуп,
Каза жетсе окко учуп
Кагылайын, абаке,
Өлүп калар бекенбиз!
Жер өрттөнгөн чоң өрттү
Көргөнү келген экенбиз.
Тирүү калбай кайран жан,
Өлгөнү келген экенбиз.
Коңурбайдын кордугун
Көргөнү келген, экенбиз!»
Деп, өшөнтүп Канчоро
Канчоро мындай дегенде
Алмамбет уулу Күлчоро
Белди бекем түйүнүп,
Ок өтпөс соотун кийинип,
Калың жоону көргөндө,
Бала тапан оңбогур
Кайнын көргөн немедей
Каткырык салып сүйүнүп,
Кымбаттуу тонун кийинип,
Кыз кайнын көргөн немедей
Кыпкызыл болуп сүйүнүп.
Айланайын абалар,
Жоодон корккон оңобу!
Душмандан корккон азамат
Эгерде эки болобу,
Эзелде иши оңобу!
Ажалдуу киши өлбөйбү!
Аз балакет тозокту
Эрен адам көрбөйбү,
Казасы жеткен өлбөйбү.
Кытай илек, мен жалгыз
Кыргынды кызык саламын,
Ажал жетсе окко учуп,
Дарман келсе топ бузуп,
Жараткандын чийгени
Төбөгө келсе көрөмүн.
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не муразга жетейин,
Кайнаган кытай калк менен
Бет алышып турушуп,
Бек кармап айза сунушуп,
Маңдайлашып урушуп,
Кыргындын жолун ачайын,
Кытайдын малын чачайын.
Атам кылган иш экен,
Кайнаган кытай каканга,
Кан Коңурбай зоруна,
Жайнаган кытай колуна,
Түз кирип айза сунайын,
Түйшүгү кымбат тозоктон
Жанды азат кылайын!
Кара кытай, манжуу журт,
Көптүгү түмөн кара курт,
Кайраты кыйын капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Качырып айза сунайын,
Каптап кетчү сан колдон
Силерди азат кылайын!
Өлбөгөндөн калышып,
Өлчөшүп далай салышып,
Өлүп калсам кытайдан,
Өңгөчө айткан керезим:
«Ээр белдей мойнокчо,
Мойнокчого токтоп кет,
Кемелине келбестен
Кечикбей Чором өлдү – деп,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран бала көрдү – деп,
Жаш кезинде өлдү – деп,
Абакем, мени жоктоп кет!
Ажал жетсе өлөрмүн,
Ажал жетпей мен турсам,
Кырк уруу кытай Коңурбай
Кызык кылып берермин.
Капа болбо, кан аба,

www.bizdin.kg



Кайгырбачы, сен аба!
Кыргынды кызык салалы,
Кыйыны менен урушуп,
Кылычтап башын алалы!
Коңурбай тийсе бул колго
Жол үстүнө жаралы,
Жүрөктөгү кара кан,
Кумарым өчүм ушул – деп,
Кочуштап жута салалы!»
Деп, өшөнтүп Күлчоро,
Айтып оозун жыйгыча
Кайраттуу экен Коңурбай,
Айлалуу кыйын доңуз ай,
Бет жагынан күүлөнүп,
Кайнаган кытай, сан колун
Каптагын – деп, сүйлөнүп,
Жаңжалды жаман баштаптыр,
Жаң-жуга башчы кандарын
Кошундагы жандарын
Кырып ийе таштаптыр.
Айза сунуп, чуу туруп,
Добулбасты карс уруп,
Жабылып кытай калды эле,
Жан-жабыла чуркурап,
Жаман колду салды эми,
Тегерете тең каптап,
Теңизиң кытай жетти эле,
Аран ооз сыр жебе
Аны менен аткылап,
Колундагы коло жаа
Койгон жок кытай тарткылап.
Кээ бир жери бакырык,
Какандап ураан чакырып.
Кээ бир жери бакырык,
Манжуулап ураан чакырып.
Курчап жетип бакырык,
Манжуулап ураан чакырып.
Кылкандай айза кылайтып,
Кыдырата сунду эле,
Калдайып айза көрүнүп,
Балбандардын баарысы
Алды менен көрүнүп.
Аябай колду салды эле,
Мына ошондо Күлчоро
Атасы көкжал Алмаңдан
Аманат калган Сырбараң
Кароолу алтын чоктолуу,
Каран калган жыластын
Бир мылтыктын жеке өзү
Тогуз миң нарга токтогон
Сайы болот, тышы курч,
Атышка салса артык мүлк,
Кыргынга салса кылчайбас,
Сунуп калса сыр бараң
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Кароолун тиктеп ирмесе,
Башкага качып тийбеген.
Кайнап жаткан какандын
Кагышында көп жүргөн
Кагышка маалым Сырбараң,
Алакеңдин артык курч,
Дүнүйөнү чачканда,
Какандан Алмаң качканда
Алтын тагын май кылып,
Алышсам тилим албайт – деп,
Өз атасы Азиз кан
Кең Бээжинге жак кылып.
Күмүш тагын кан кылып,
Күндө тилим албайт – деп,
Атакеси Азиз кан
Чет-Бээжинге жай кылып,
Жайлап келген эмеспи,
Берен Алмаң кабылан
Бир кереги тиер – деп,
Атасы кыйын баатырдын
Топ кайтарган бараңын
Кармай келген эмеспи.
Берен Алмаң көкжалдан

www.bizdin.kg



Белекке калган Сырбараң
Алтымыш күндө бузулбас
Ыраактаса Койчагыр,
Тигинин тиктеп машаган,
Азиз кирген жерлерин
Дөөтү менен дос эле,
Төкөр уста Бөлөкбай
Ошол байкуш жасаган.
Жаңыртып сайын толгогон,
Куп келтирип оңдогон.
Мурунку Алмам көкжалдан
Мурага калган Сырбараң
Кытай алды кылкылдап,
Колдун алды былкылдап,
Эми каптап өтөрдө,
Күлчорого жетерде,
Атасынын Сырбараң
Ала коюп ийнинен
Кызыталак Бараңды
Ошол кезде Күлчоро
Кутудагы дарыдан
Бат атар басма дагы бар
Шамдагайы болжолсуз
Шаймандуу туулган абыдан,
Кыраанын Алмам тукуму
Кыйшалактап коркпостон,
Кутудагы дарыны
Куркурата куйду эле,
Окчонтойдо от болот
Куркурата урду эле.
Сүмбө менен сүмбөлөп,
Машаасын башка чойгулап,
Чарадай болгон кундагын
Акканкынын кашына
Карса-карса койгулап,
Кийин минип чалкалап,
Кулактан чыккан дарыны
Бала жолборс шер неме,
Атасы артык эр неме
Тырмак менен талкалап,
Кытай оттук, боор таш
Кырып ийип чок коюп,
Каран калган жыластын
Милтесине от коюп,
Беш маал ондоп токуткан
Бедели жанды чочуткан,
Булуттай учкан Суркоен
Буудан эле абыдан.
Чылбыры тутам калгыча
Чындашкан жоого алдырбайт,
Кырсыктын үнү урбаса,
Ар балаанын баарысы
Тегеректеп турбаса,
Миңгенин жоого чалдырбайт,
Кетмен туяк, кең соору,
Келишимдүү чоң сур ат,
Ойрон кылып Толтойду
Олжого алган мал ошол.
Талкан кылып Кожону,
Тартып алган ошону.
Ээр белдей кыска,
Эч ким билбес жапыска,
Кашаттын берки бетине,
Боз дөңгүлдүн четине,
Мына ошондо Күлчоро
Сур ат оозун бурду эле.
А дүйнө кеткен Алмамбет
Арбагына жалынып,
Атасы Манас көкжалдын
Ураанына жалынып,
Бала кыраан, баатыр, эр,
Башкача тууган артык шер,
Сырбараңды сунганда
Окчо кармап оюлгур
Олкулдатпай каранды
Машаасын тиктеп турганда,
Боз качырчан чоң Мады
Тоодой чокмор колго алып,

www.bizdin.kg



Кырк кулачтай айзасын
Төбөсүнө булгалап,
Бура тартпай бакырып,
Жоо кайдалап чакырып,
Желгенине жел жетпей,
Астында качыр түйүлүп,
Жалаңгычтай чоң Мады
Көпкөк темир кийинип.
Кезенсе балаа салгандай,
Маңдайлашса бул капыр
Койбой байлап алгыдай.
Адамдан башка түрү бар,
Жараткан өзү билбесе
Жалаңгыч өңдүү сүрү бар.
Каарланып бир салса,
Чокмору жанга тийгидей.
Чогуусу менен жуурулуп,
Чапканынын баарысы
Жер алдына киргидей.
Каттап менде калгысыз,
Каршы алдынан капырдын
Адам уулу титинип,
Айза сунуп баргысыз.
Мадынын жайын сураба,
Эки мурун чуңкуру
Капчал суунун өзөндөй,
Жаркыраган жалгыз көз
Көзү көпкөк темирдей,
Канча болсо сан колду
Жеке эле өзү жегидей.
Атактуу Мады болгону,
Агасы Мады кан экен,
Ал Мады кан өлгөндө,
Кенже иниси ал экен.
Каарланса кытайдын
Камдап чыккан балаасы
Ушунчалык бар экен.
Кабагы кашат буткулдай,
Кармалашса адамды
Түгү менен жуткудай.
Сайышып жакын келгенде
Колуна тийсе ургудай.
Түгөнгөн жанды түк койбой
Кезикчү болсо соргудай.
Толу боюн топчулап,
Көк темирден туулга
Көмкөрө кийип үпчүлөп,
Чоңдугу тоодой көрүнүп,
Көрүп турган Чоронун
Көңүлү кетип бөлүнүп.
Качыры чурап түйүлүп,
Карап турган баатырлар
Кайран жандан түңүлүп.
Мендеси чыдап турабы,
Пейли мындай капырдан
Беттешкен аман калабы.
Тирүү болсом жыйгамбар,
Өлүп кетсем ыйман бар!
Өткөрө Мады шер экен,
Кырк кан эли кытайды
Кыйындарын чогултса,
Капырай, Мады эр экен!
Түпкө чогуу жеткидей
Түптүз кылып адамды
Түгөл кырып кеткидей.
Астындагы качыры,
Качырына мал жетпейт,
Каруусу толук капырга
Алышкан менен ал жетпейт!»
Деп, өшөнтүп, Күлчоро,
Ылдыйлатып шилтесем
Бетине тарткан темирге,
Коргошун ок жетеби,
Өлбөй калса бул доңуз,
Койбой жанды талкалап,
Кокустан оңдоп кетеби.
Чекенин бир жак бети – деп,
Так чечекей чети – деп,

www.bizdin.kg



Бурулбайт ушул сөзүм – деп,
Капыр балбан Мадынын
Табактай жалгыз көзү – деп,
Мергендикке тазасы,
Алмамбет уулу Чоронун
Белен турган машасы.
Ирмеп туруп калды эле,
Жалгыз көзгө ок тийип,
Жаман болду эр Мады.
Аңдабай туруп аттырып,
Азаптуу дүмөк мүшкүлүн
Коңурбайга тарттырып,
Сокур болду эр Мады.
Оолжуп Мады турду эле,
Каарланып бакырып,
Алмамбет уулу Күлчоро
Манастап ураан чакырып,
Каарланып сумсайып,
Астында тулпар Суркоен
Такымдан ары бир салып,
Суркоен оозун бурду эле,
Бөлөкбай кылган сыр найза
Мады дөөнү карата
Күркүрөтө сунду эле.
Кең далынын бети – деп,
Өпкөнүн бир жак чети – деп,
Тегерегин карабай,
Теги кыраан эр чиркин
Теги эле жанды аябай.
Кыдырата карабай,
Кылчалык жанын аябай,
Кыраандын уулу эр чиркин,
Кылымды бузчу шер чиркин
Атса болот ок эле,
Кызара күйгөн чок эле.
Кылымдан туулуп мындайча,
Момундай бала жок эле.
Баатырдыгы башкача,
Баладан бөлөк шок эле.
Бастырып айза сунганда,
Кудай бетин көргөзбө
Таш муштаган эмедей,
Мады дөөнү сайганда
Сыр найза белден бүктөлдү,
Чымындай жанга күч келди,
Тулпардын тулпардыгы билинди.
Мадыдай балбан болбоду,
Баспай токтоп чоң Сур ат
Тизеден жерге орноду,
Алөөкөнүн Коңурбай
Алачыктай чоң манжуу
Астындагы Алгара
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Ажал жетсе өлөм – деп,
Балараак эле Мады дөө
Караан болуп берем – деп.
Булуттай учуп Алгара
Алгара оозун буруптур,
Айзага даңгыл, жоого маш
Алөөкөнүн Коңурбай
Адис болгон эр Калча
Айкырып айза сунуптур,
Капталынан качырып,
Күлчорого жетерде
Чымырканып чын тиктеп,
Чыны менен Коңурбай
Азыр муштап өтөрдө,
Мына ошондо Семетей
Бугудай мойнун буратып,
Болжолу жок Буурулду
Буркуратып чуратып.
Оозун чойсо Буурул ат,
Октолуп жерден суурулат,
Куландай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Жетик көкжал Семетей,
Калчаны беттеп чакырып.

www.bizdin.kg



Кайран жанды аябай,
Калган экен көкжал ай.
Маңдай менен бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Комокойлуу сыр найза
Колоюп колдо көрүнүп,
Беренден туутан шериңдин
Белгилүү көкжал эриңдин.
Кытайды Кудай берсе – деп,
Каарланып көкжалың,
Катуу айбатын салыптыр.
Каалгадай кашка тиш
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып жайнаптыр,
Кытайды Кудай берсе – деп,
Кашкаңдаган куу тишти
Бөлө-бөлө чайнаптыр,
Бөлөкчө түрү бузулуп,
Кан ичмеси кармаптыр.
Айбаты суук арсландын
Айбатына жан турбай,
Колунда болот Сыр найза
Күркүрөтө сунганда
Жылдыз учкан немедей,
Кыпкызыл болуп көрүнүп.
Каарланса кайран өң,
Асмандагы булуттай
Аркы-терки бөлүнүп.
Коңурбайдын көзүнө
Жан алуучу жан алгыч
Так өзүндөй көрүнүп.
Качып манжуу шашпа – деп,
Алдыңкы жерден бөлөккө
Мыкты болсоң баспа – деп,
Айкайды арбын салды эле,
Аны билип Коңурбай,
Эң акылман ыктуу кул
Эсеби жок Бээжинде,
Бир жаралган мыкты кул.
Манастын уулу чунактын
Ысыгына бата албай,
Суугуна жата албай,
Боконо сөөгү болкулдап,
Толбой жүрөк солкулдап,
Камбылыраак неме экен,
Каарланып зиркилдеп,
Алгаранын үстүнөн
Кайран баш учуп кетер – деп,
Мына упшнтип Коңурбай
Бура тартып эр Калча
Булуттай учуп Алгара,
Чың-Бээжиндин Кара-Тоо
Кара-Тоонун урчугу,
Кырк аркан бою кара зоо.
Кара зоону бет алып,
Шашып чыкты Коңурбай,
Алгара менен дыр коюп,
Качып чыкты Коңурбай.
Алгарадай күлүгү,
Камбыл Калча эрендин
Кармашты салчу булүгү.
Баскан жерин уратып,
Кара зоону чуратып,
Качып чыкты Коңурбай.
Кызыталак Кара аты,
Кара атынын бар эле
Капталында канаты.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны чочконун
Түбүнөн берки адаты.
Бул түгөнгөн Коңурбай,
Кутулуп кетип доңуз ай.
Тутанып өлгөн бу чочко,
Чыкты жарга чамынып,
Калбай каптап жеткин – деп,
Балбандарга жалынып.
Коңурбай минтип кутулуп,
Мады дөөгө Семетей

www.bizdin.kg



Барган экен жутунуп.
Жетик күлүк Арбуурул
Жеткен экен Мадыга,
Көзү көрбөс Мадыны
Чыканактын тушу – деп,
Чын өлөр жериң ушул – деп,
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерден Сыр найза
Жетип муштап өткөндө
Боз качырдан эр Мады
Ээринен арт кетти,
Үзөнгүдөн бут кетти,
Ээрден көчүк кылтайып,
Үзөнгүдөн бут тайып.
Буту кетип салактап,
Көзү кетип алактап,
Мады дөө минтип турду эле.
Бала кыраан Күлчоро
Башындагы туулга
Жеткен жерде калканын
Ыргыта сайып өттү эле.
Атасы Манас айкөлдөн
Алып калган Зулпукор
Шиберге салса жарк эткен,
Шилтегенде жып койгон,
Ирмегенде иштеткен
Таш салса кайра тартпаган.
Кыябын таап шилтесе,
Бадыректин кылычы
Балтыркандай кайсаган,
Кыйкырып кындан чыгарса,
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Катса да кынга кирбеген,
Манастан калган Зулпукор,
Мизи болот, сабы алтын,
Толтосу жакут, баары алтын
Кармай калып сабынан
Суурул алып кабынан,
Мына ошондо Мадыны
Айры шили урчукка
Омуртка сөөк тумшукка
Обу жок, кыраан эр чиркин
Шилтеп туруп калды эле.
Боз качырдын үстүнөн
Башы түштү дыркырап,
Ошол жерде Мады дөө
Жаны чыкты чыркырап.
Башы жок баатыр турабы,
Учкан тоодой күркүрөп,
Боз качырдын үстүнөн
Чоң Мадыкең кулады,
Астындагы боз качыр,
Кайра тартып калгыча,
Кайнап жаткан кытайдын
Калкына качып баргыча,
Ылаачындай Күлчоро
Мыктылыгы болжолсуз,
Карчыгадан канча илгич
Мыктылыгы дагы бар.
Шамдагайы болжолсуз,
Шапа кармай калды эми,
Айга-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча.
Жойкума суурул кынынан
Опсуз балбан Күлчоро
Качырды чаап салды эле.
Так өшөнтүп турганда,
Албан түрдүү жандары
Каканчынын кандары,
Улуктары, шерлери,
Урушка чыкчу эрлери
Балбандын баары жыйылып
Баатырдын түрүн көргөндө
Аламан салчу калың кол
Уу ичкендей тыйылып.
Кайратсыздан жаманы,
Кароолго келген чабалы,
Кайра тарта калышып,

www.bizdin.kg



Качып берчү немедей
Ат соорусун салышып,
Дүрбөп кытай жүгүрүп,
Жандан чочуп түңүлүп,
Каптабай кытай токтолуп,
Уйгу-туйгу болушуп,
Анда-мында ал кытай
Уюлгушуп коюшуп,
Так өшөнтүп турду эле,
Аралашып беттешпей,
Бет алышып келишпей
Же бачымыраак өлүшпөй,
Өйүз-бүйүз турушту,
Мылтык менен урушту.
Атасы Манас айкөлдөн,
Берен Манас көкжалдан,
Белекке калган Аккелте
Артык болот Алмабаш
Ыраак-жуук ылгабас,
Мурага калган Аккелте,
Аны колго алды эми,
Топко байлай кытайды
Кайраныңдын тукуму
Карсылдакка алды эми.
Оңго ооп, бир атып,
Он эчесин кулатып,
Солго ооп, бир атып,
Солгондорун кулатып,
Таш сайынган кытайдын
Тазасын атып турду эле,
Күрмө кийген калдайдын
Күчтүүсүн атып турду эле.
Кол алдында каны бар,
Калчага кулак салыңар!
Балбандарын, дөөлөрүн
Айдап чыкты Коңурбай.
Астына кайра тартканын
Ажалың ушул мына! – деп,
Жайлап чыкты Коңурбай.
Камбылдарын, эрлерин,
Өзүнө жетер шерлерин,
Каптап кет! – деп, бакырып,
Кара калмак, манжуусун,
Кадимки тыргоот, шибээсин
Калтырбай айдап Коңурбай,
Айдап чыгып келатат.
Айкырыгы таш жарып,
Колуна шумдук кылыптыр,
Колун колго урунтуп,
Кордуктап Калча жыйыптыр.
Балааны Калча баштады,
Улугу мындай деген соң,
Уй түгүндөй көп калмак
Кыйын каны Коңурбай
Каарын катуу чачканда
Каары дүмөк баштады.
Каарына чыдабай,
Канча түмөн сан аскер
Кырылып кете таштады.
Коңгуроо тоодон кагылып,
Кол эсинен жаңылып.
Кара жакал Тагылык,
Каткаландын Туушаңы,
Кытайлардан Борончу,
Кыжылдаган капырдын
Эсебин айтып болобу!
Калмактардан Дөөдүрү
Каптап жүрүп калды эле,
Бадана кийген баатыры
Балбандуу Шыйка капыры.
Албан түрдүү эрлердин
Айкырык салып көп аскер
Аламан салып жөнөдү.
Жер айрылып тоз болуп,
Топурак учуп кара жер
Толкуп кетчү кемедей,
Ары-бери козголуп.
Эңкейишти пас экен,

www.bizdin.kg



Бусурман журту аз экен.
Өйдөгө бүткөн чөп экен,
Өлчөлөп келген бир жан жок
Кытайдын журту көп экен!
Кайнап кытай, эл каптап,
Каңтарылып сел каптап,
Кылкандай айза кылкылдап
Аламан коюп буркурап,
Кудай бетин көргөзбө,
Азапты артык салганы.
Албан түрдүү балбаны,
Күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн төрөңдү
Кунду жеке куушканы,
Артык көөдөк эмеңди
Каптап жатып калды эми!
Үркүн-түркүн бакырып,
Ар уруусу ар бөлөк
Өзүнчө ураан чакырып,
Аламан коюп калды эле.
Чаңга аралаш Семетей
Чабыштан тартпай Күлчоро,
Кайтарып жүрөт Канчоро
Кармашты катуу салды эле,
Берки үчөө, кытай сан,
Жараткан өзү билбесе,
Жаман болду бу жаңжал.
Аркылар түмөн, берки үчөө,
Аралашкан чоң майдан.
Арада токтоп турушуп,
Алты күн тынбай урушуп,
Алмамбет уулу Күлчоро
Жекейне белге курчанып,
Жер жайнаган манжууга
Жеке аралап кол салып.
Ак кисе белге курчанып,
Алты сан кара калмакка
Аралап жеке кол салып,
Туш-тушунан зыргытып,
Туура алдына келгенин
Айза менен ыргытып.
Алды жагын айзалап,
Алты миңин майдалап,
Арамы Калча кайдалап.
Жети миңин майдалап,
Желмогуз Калча кайдалап.
Балта жеткен жерлерин
Балталап уруп сойлотуп,
Кылыч жеткен жерлерин
Кыймалап чаап ойнотуп,
Үрбөп-дүрбөп качырып,
Ал Күлчоро кыраанын
Төөдөй болгон Сур аттын
Курсагын минтип ачырып.
Бура тартып чу десе,
Сан колду жарып жөн эле
Ардай болгон кайран баш,
Анык тулпар Суркоен
Капкара канга бөлөнүп.
Кырып айдап алды эле,
Өз билигин кытайга
Кылып айдап алды эле.
Чоң Сур ат менен зыргытып,
Бет алдына келгенин
Шыйрактан алып ыргытып,
Тирелишип турушуп,
Тим кыргын салып урушуп,
Мал баспаган шоруна
Колдун алды барыптыр,
Ашып-шашып энтелеп,
Күрпүлдөктүн боюна,
Тулпар чыдап жүрө алгыз,
Тизеден кара шор экен,
Ар жак жагы тумандап,
Жоо көрө элек жүрөк курч,
Коңурбай кандын колу экен,
Ат чаалыккан кезинде
Ошол колго кезиккен,

www.bizdin.kg



Күлчоро кулдун шору экен.
Өзү Кара-Кум экен,
Кудай урган бул экен.
Бээжиндеги кытайлар
Атын Дыңша дээр экен.
Тулпар үч күн чыдабас,
Кудай урган жер экен.
Күлчоронун эрдигин
Алөөкөнүн Коңурбай
Көрүп калган кези экен.
Темир аркан торчонун,
Тегиз канжарколчонун,
Айбалтага күжүрмөн
Адис болгон даңгылын,
Жоо айласын куп билген,
Аябаган камбылын,
Кара нээт капырын,
Жаңгыз башы сан колдук
Миң балбандык баатырын.
Бука моюн, буура сан,
Булкушса жанды куураткан,
Ээн жерди жайлаган,
Эркелетип кытайлар
Балбаным – деп, байлаган.
Басташкан тийсе колуна
Ач арсландай жайлаган,
Кутулуп менде калбаган.
Курчап түпкө жетүүчү
Балааны башка баштаптыр,
Баатыр экен Коңурбай
Баягы шорго таштаптыр.
Көргөнүндө Коңурбай
Карып өлүп кетсе де
Камбыл экен доңуз ай.
Адамдан мындай болобу,
Кечилдин каны Коңурбай
Кордогон адам оңобу?!
Калдайларын шаштырып,
Жаадай учкан Кара атын
Ойдолотуп бастырып.
Алтындан тизгин жулкунтуп,
Астындагы Кара атты
Арысландай булкунтуп,
Балбандарын бакырып,
Манжууларын чакырып:
«Айланайын, балбандар,
Бери келгин адамдар!
Кырчоосун кылдан эштирип,
Бурутка барып Алмамбет
Бүтүн жерин кызыталак,
Ырым кылып кестирип,
Каары келип какайып,
Качып кеткен Таласка,
Чоро болгон Жакыптын
Жалгыз уулу Манаска.
Кагыш кылып Бээжинге
Ал Алмамбет өлгөндө,
Кайра тарткыс терең ор
Ал кызыталак көргөндө,
Элден ушак кеп уктум,
Алган жары Аруукe
Катыны боозуп Таласта
Алмамбеттен ушундай
Бала калды деп уктум,
Айтылган сөздө бир мүшкүл
Жүйө калды деп уктум.
Атка каткан ушинтип,
Жүгөн калган деп уктум.
Алмамбеттен ушундай
Эркек бала бир тукум,
Күмөн калды деп уктум.
Күлчоро тууп турганда,
Тоюна токсон сойду дейт,
Эркек тууп баласын,
Күлчоро атка койду дейт.
Минген аты Сур болуп,
Алмамбеттен эр болуп,
Мунара күйгөн чок болуп,

www.bizdin.kg



Топту бузган ок болуп,
Толгон кыргыз бу журтта,
Ошо бурут куу журтта
Мындай тентек жок болуп.
Белди бекем бууптур,
Белсенип чыгып урушуп,
А дүйнө кеткен Алмамбет
Ал качкын менден өлдү эле,
Ошонун кунун кууптур!
Кача берсең балбандар,
Каканга чейин сүрбөйбү!
Минте берсең балбандар,
Бээжинге айдап кирбейби!
Атасы кыраан Алмамбет
Канчалык мыкты туулган,
Эсебин эптеп таппасак,
Бээжинге салат чуулган.
Жерге кирсин, бул балдар,
Жетим жүрүп жетилди,
Жергеге эптеп кошулду.
Тентип жүрүп оңолуп,
Азып жүрүп чоңойгон.
Алмамбеттен туулган,
Акыры жоксоң кылбасак
Бээжинге салат чуулган.
Бул өңдөнүп ким жүргөн,
Атасын тарткан балакет
Бээжинге салат чоң дүрбөөн.
Аман барса Таласка
Эгерде бизди оң кылбайт,
Таластан жыйып кол алса,
Колун айдап чогуу алса,
Өзүнө катар эр алса,
Кытайды такыр оң кылбайт,
Кылымда бизди соо кылбайт!
Бек куралса бул бурут,
Бедөөнүн чачын өрүп ал,
Беш, алты жылдын ичинде
Манастын уулу Семетей,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Чубактын уулу Канчоро,
Чуулган Бакай карысы,
Буруттардын баарысы
Бул Бээжинден көрүп ал!
Айтканым ушул тилимди ал,
Ай, балбандар, билип ал!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Алты күн кылды казатты.
Колду кайра кууганда,
Ажалы жеткен өлгөндө,
Өлбөй тирүү турганы
Эптеп күнүн көргөндө,
Калдайларды кырганда,
Ат жатыркап чөп чалбай,
Аттын мойну сынганда,
Ат чаалыгып турганда,
Балбаным каптап өтө көр,
Түбүнө чогуу жете көр!
Айзасын алып суура көр,
Кызыталак кыргыздын
Тукумун туздай куура көр!
Деген сөзгө көнө көр,
Кайра тартпай урушуп,
Калың кытай улуу журт,
Кабылуу балбан – шерлерим!
Чынмачында Бээжинде,
Чын бел байлап олтурган
Өзүмө катар эрлерим!
Каргылуу кара тоодайым,
Каз айланбас зоодайым,
Каарланып кагышып,
Кармай көргүн ылайым
Манастын уулу баатырды,
Алмамбет уулу капырды.
Колго тийсе кокустан,
Тирүү тийсе окустан,
Курчап байлап алгыла,
Бээжиндин Эсенканына

www.bizdin.kg



Чоң-Бээжиндин шаарына.
Качырга тирүү арткыла,
Кан Эсенге тарткыла!
Белгини бекем салгыла,
Каканда сулуу тейтей кыз
Амыз кылбай – ар кылбай,
Алпарып айгыр салгыла!
Чуулгандуу булардан
Чуркатсаң эркек уул туур.
Уул тууса тутуп ал!
Кулак угуп, көз көргөн,
Жерге орногон чуу тубар.
Бул Бээжинге калганда,
Торала желек туу тубар,
Толуп жаткан Бээжинге
Байдасы тийчү уул тубар.
Калкка кабар салгыла,
Булардан эркек уул тууса
Чынмачынга, Дыңшага,
Чындаган шаар манжуура,
Кан көтөрүп салгыла!
Калдайларым эрлерим,
Ушул тилим алгыла!
Бу тилимди албасаң,
Каарына чыдабай,
Качып бүлүк баштасаң,
Айткан кепке тил албай,
Ушул жерге таштасаң,
Күрпүлдөктүн Сары-Суу,
Кудай урган мына бу.
Бөйрөгүнөн кошулган
Каспаңдын кара суусу бар,
Кара саат ушу бар.
Ар жак менен бер жагы
Тулпар ат салса ойнобойт,
Чуңкуруна ал суунун
Кырк аркан салса бойлобойт,
Ошол суунун боюнда,
Шыта-Кечүү, Таш-Кечүү,
Эр Калчага маш кечүү,
Кара ат менен чуратып,
Жолун тозо каламын.
Бери качкан балбанды
Бирөөн койбой талкалап,
Кылычтап башын аламын!
Кылча көрбөй бирөөндү,
Кыргын кылып саламын!
Балбаныңды кармаймын,
Баатырдан бирөөң таштабай,
Баары-жогуң жайлаймын!
Улугуңду, каныңды
Түп көтөрө талкалап,
Түгөл кырам баарыңды!
Белиме таңуу болбосо,
Бээжинге туруп нетемин?
Кара атым тартуу бир кылып,
Канкордун уулу Семетей
Атасы Манас көкжалдан
Артылта тууган неме экен,
Атасынан баласы
Алда канча шер экен,
Ошого кирип кетемин!
Дегенине көнөмүн,
Каканчыңды Бээжинди,
Кайнаган кытай элимди
Түп көтөрө Манастын
Кунуна айдап беремин!
Курусун, балдар, мейли – деп,
Жанды ортого саламын,
Атасы көөдөк эр менен
Бир элдешип аламын!
Кайраттууңар өлөсүң,
Буруттардын кызыл туу,
Асман жарган ызы чуу,
Андан кийин балбаным,
Үй үстүнөн көрөсүң!
Айтканым ушул билип ал,
Ай, балбандар, тилимди ал!

www.bizdin.kg



Кыйкырганда жөн эле,
Кыйыныңар, карыңар,
Кыргын тийген немедей,
Кырылып кет баарыңар!
Бириң өлбөй, миңиң өл,
Бу сөзүмө көнүңөр!
Кагышты катуу кылыңар,
Куйкаланган бурутту
Кубалап жүрүп кырыңар!
Малы-башын тийели,
Жердин түбү Желпиниш
Жер үстүнө токтотпой,
Жерге кирген бурутту
Желпиниш көздөй сүрөлү!
Туш-тушка калкын бөлөлү,
Туура кумдун чөлүндө
Бул Дыңшанын жээгинде,
Уруш кылып көрөлү!
Айтканым ушул билип ал,
Ой, балбандар, тилимди ал!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Аска тоодой көрүнүп,
Оозунан чыккан көк жалын
Ат жалына төгүлүп,
Чоң өтүгү чойкоюп,
Кош олоңдуу баатырдын
Бөлөкчө мойну койкоюп,
Бадана жондо балкылдап,
Булгаары тердик, бурма бел
Буруксуган Калчанын,
Темингиде шалкылдап.
Миң батман келген чоюнбаш,
Кайран колдо жаркылдап.
Үтүрөйүп саксайып,
Жумурайыл* сөзденүп,
Абаңын түрү ушундай
Жутуп ийчү көздөнүп,
Эки көздүн кычыгы
Ородой болуп оюлуп,
Опол-Тоодой коң төрөң,
Бээжиндин ээси чоң төрө.
Ушунчалык кытайдын
Улугу экен Коңурбай.
Каарына адам токтобой,
Ушундай экен доңуз ай!
Балбандарын бакырып,
Үзүр-мазыр кеп айтып,
Кээ бирөөн үркүтүп,
Кээ бирөөсүн коркутуп.
Кеп ушундай деп айтып,
Коңурбай кебин укканда
Балбан чуркап дүрбөшүп,
Жоо келгенсип анталап,
Шашкандары мүргүшүп.
Удураңдай калышып,
Урушун эске алышып.
Кейип жандан түңүлүп,
Бейкабар жаткан ал дөөлөр
Атына минип дүрбөшүп,
Бет алып чогуу жүр дешип,
Кол ичинде Карагул,
Кордук көргөн мына бул.
Койбой жыйып, кол айдап,
Койдой жыйып, чогуу айдап,
Козголоң салып турду эле.
Жаасын кармап колго алып,
Бетине кармай калышып,
Бекчейишип алышып,
Олоңдошуп дүрбөшүп,
Сан жетпеген калың кол,
Мына минтип дүрбөшүп,
Бирөөнү бирөө жүр дешип.
Ал аңгыча болгон жок.
Барабан бекем кагылып,
Чөңөрлүүнүн боюнда,
Айкайлаган калың кол
Качкан экен жабылып.
Качкан колдун алдында,

www.bizdin.kg



Торала туусун ыргытып,
Токтобой качып келетат,
Кара жагал Тагылак,
Качып келет көп улук,
Айзаларын ашташып,
Бурут келсе жеди – деп,
Малы түгүл жанынан
Такыр кечип таштashып.
Күнү-түнү тыным жок,
Он бир күн уруш баштashып.
Калдайдан нечен кан өлүп,
Кайран Мады дагы өлүп,
Беренден нечен бел өлүп.
Улугу Шыйка кан өлүп,
Ушунча кытай жан өлүп,
Бозола мунар туу болуп,
Бой-бойлогон чуу болуп,
Чууга аралаш караса,
Эл аманын кааласа,
Эки жагын караса,
Суурдай сур ат минген,
Ал атынын куйругун
Сулуу толгоп, чарт түйгөн.
Кыны жок кылыч байланган,
Жоо дегенде камданган.
Ажалдан кайра тартпаган,
Өлгөндөн кайра кайтпаган.
Суу ич десе, уу ичкен,
Кан төк десе, жин төккөн.
Бөрк ал десе, баш кескен,
Ок өтпөс гүлдүү тон кийген
Ок жетпес тулпар ат минген
Ойдолотуп Күлчоро,
Оюп кыргын салыптыр.
Анын быяк бетинен,
Күн жак анын четинен,
Кара буурул ат минген,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Чалышса жанды жегидей,
Булуттай учуп Буурулду,
Мурунку калган сан колду
Жыйып чыгып келатат.
Айдап сайса бачагар,
Алтыдан дөөнү бир сайып,
Кырып чыгып келатат.
Качкан жоонун бир жагын,
Көпкөк тарлан ат минген
Көркөмү мындай Канчоро,
Жандап чыгып келатат,
Каканчылуу Бээжинди
Какайлатып кытайды,
Канкор экен Семетей
Айдап чыгып келатат.
Ар сайганда жүз-жүздөн,
Жайлап чыгып келатат.
Орто жерин Семетей
Оруп чыгып келатат,
Эки четин Күлчоро
Соруп чыгып келатат!
Калдай жерин Канчоро,
Оруп чыгып келатат,
Анталандап кытайлар
Ашып-шашып калыптыр.
Артынан түшөт бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Бала кыраан эрендер,
Баягы канкор берендер.
Баары кууп алыптыр,
Каран калган жайсандар
Өлүп жатат сырайып,
Кайрат кылган балбандар
Кулап жатат тырайып.
Акылынан шашканда,
Ашып-шашып чуркурап,
Ал кытайлар качканда
Качкандагы кызыгы,
Калтырбай кууп талкалап,
Семетейдин бузугу.

www.bizdin.kg



Кытай качып толгонуп,
Кыраандын жайы ушунда.
Кыпкызыл канга боенуп,
Күрпүлдөктүн шоруна
Качкан кол келип калды эле,
Тынч жаткан колдун оюна
Кырылган элин көргөндө,
Алөөкөнүн Коңурбай
Кыйкырык салды доңуз ай.
Алгаранын оозун
Буруп турду Коңурбай,
Кокуй, журтум, капта – деп,–
Койбой жерге тапта – деп.
Сыйпап үчөөн кыргын – деп,
Мына минтип бурутту
Өрт өчкөндөй кыргын – деп,
Өсүп келген жаштарын
Түбү менен суур – деп.
Айда, журтум, айда! – деп,
Чаалыгып калган кези экен.
Басып кирип урушуп,
Бул балдарды байла – деп,
Айтып турат Коңурбай.
Каарланып доңуз ай,
Ачуусуна чыдабай,
Куруп турат Коңурбай,
Кол токмоктой айдар чач
Жулуп турат Коңурбай.
Коңурбай үнүн укканда,
Албан түрдүү балбаны
Кумурскадай кылкылдап,
Курчап каптап былкылдап,
Курчап жатып калды эми.
Кумурскадай көп кытай,
Кармашты катуу салды эми.
Жер жайнаган сан колдо,
Жер берешкен көп элде
Алөөкөнүн Коңурбай
Ойлосоң Калча кан экен.
Аттын мойну катканда,
Каарланса бул кытай
Каптоочу колу бар экен,
Опол-Тоодой эр Калча
Оңой эмес бул Калча.
Айзакерден ыктуу кул,
Айлалуу кыйын мыкты кул.
Берен да ошол, кан да ошол,
Коңурбай буйрук кылган соң
Былкылдады эл ошол,
Каны жарлык кылганда,
Каптап кетчү сел ошол.
Балбандары башкача
Бакырык салып каптады.
Баягы көкжал эр Калча
Керишке артык даңгыл эр,
Айгай жарган чуу менен
Каптап калган ошол жер.
Алөөкөнүн эрени,
Алгара оозун бурду эле,
Курч болоттон сыр найза
Күркүрөтө сунду эле.
Конурбай айза сунган соң
Добулбас бекем кагылып,
Ар жагынан түмөн кол
Түп көтөрө жабылып,
Каптабай кытай калбады,
Алмамбет уулу Күлчоро
Ортосунда калды эле.
Курттай кытай кыжырап,
Курчап кетти быжырап.
Курчаган колдун ичинде,
Кан берени Коңурбай
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй болуп ок атып.
Күрмө кийген ыктуусу,
Күчтүүсү Калча мыктуусу
Күчөп айза сунганда,
Топурак учуп, тоз кайнап,

www.bizdin.kg



Асман ачык, жер бүркөө,
Жер ичинде кол жайнап,
Эчен сонун эр менен,
Көптүгү аккан сел менен,
Көкжал экен Коңурбай
Зубун-зубун эл менен.
Шибе колу бир бөлөк,
Калмак колу бир бөлөк,
Манжуулардан Коңурбай,
Баары каптап калды эми.
Ыламасы, кечили
Ырастап кирди жамынып,
Кайраттуусу канжаркол,
Капталынан илек кол,
Жана чыкты жабылып.
Алмамбет уулу Күлчоро
Адыр-күдүр белестен,
Бээжиндиктин Кең-Шордон
Жалгыздыгы билинип,
Жапа тартты сан колдон.
Жалгыздагы курусун,
Жалпы кытай, мен жалгыз,
Жан эмине болор – деп,
Селдей кытай эл келди,
Серпишип жүрүп кайран жан,
Ал эмине болор!» – деп,–
Уйгу-туйгу турушуп,
Беттеп айза сунушуп.
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Ажалы жеткен кан өлүп,
Кыябы келген жан өлүп.
Жетик экен Күлчоро,
Кең дүнүйө тар болуп,
Шекердей таттуу шилекей
Бир жутумга зар болуп.
Туш-туштан кытай айза уруп,
Жанды койбой жүгүрүп.
Кытай илек, бул жалгыз,
Жалгыздыгы билинип,
Төбөкелдеп бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Жекейне белге курчанып,
Жер жайнаган капырга
Жеке аралап кол салып,
Алты миңин майдалап,
Түгөнгөн кара кытайды
Кезиккенин айзалап,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны кайдалап.
Ал ошонтип турганда,
Алөөкөнүн Коңурбай
Манжуусунан эрлерин,
Аламанга эң камбыл
Жоонун айласын билген шерлерин,
Каканчынын кандарын,
Кайраты артык жандарын,
Жаа тартуучу ыктуусун,
Жазганбай кирчү мыктуусун.
Тегеректеп байлоочу,
Жалгыз курттай жайноочу.
Темир аркан торчонун,
Катылса жарып ийүүчү,
Тегиз канжарколчонун.
Кынжылалуу балбанын,
Катылышкан адамдын
Чыгаруучу далдалын,
Чокмор алган дөөлөрүн,
Атка минбей үйрөнгөн
Абдан күлүк жөөлөрүн,
Улуу-кичүү баарысын,
Балбандарын карысын,
Шайлап кирди Коңурбай.
Калдайларын токмоктоп,
Айдап кирди Коңурбай.
Каарланып бакырып,
Калдай каптап кеткенде
Жөө күлүгү, дөөлөрү,

www.bizdin.kg



Миң башынын ээлери,
Баары каптап жетти эле,
Айза салган колдордо,
Шуру отогот, маржан таш
Бул аламан урушта,
Мындайча дүмөк жумушта,
Луң-туң каны аралаш.
Карыпжысын калдайтып,
Улуктан нечен каны бар
Урушка чындап туулган,
Эченге салган чуулган.
Алгара менен булкунтуп,
Эрениң Калча дагы бар.
Мына ошондо Күлчоро,
Кызылдай айза кылычка
Кынап берди Күлчоро,
Кызылдай кандын ичинде,
Чыдап берди Күлчоро.
Кытай каптап келгенде
Каарланып бакырып,
Карасаң жаңжал ушундай,
Коркуп-үркүп качпастан,
Акыл жыйып шашпастан,
Качпай турду урушуп,
Жоо устасы Коңурбай
Жоого камбыл ыктуусу,
Кол салбай койчу кул эмес
Айлалуу Калча мыктуусу.
Чымчык чыкпас кең сайдан,
Көз жетпеген кең жайдан.
Жоо кутулбас айзадан,
Эрендер коркпос өлүмдөн.
Атасы кыраан Алмамдан,
Кырган экен Күлчоро
Кылчайып койбой балбандан
Айзага жакын келгенин
Айзалап сайып уратып,
Андан жакын келгенин
Айбалталап сулатып.
Кызык эпке келгенин
Кылыч менен кыймалап,
Кыргында кызык салды эле,
Кудай бетин көргөзбө,
Чак-чалакей чаң болуп,
Жердин үстүн байкасаң
Боз тунарык кан болуп.
Каарды катуу баштады,
Жер силкинип, кара жер
Бузулуп кете таштады,
Каканчылуу кытай журт
Кадимки жинди баштады.
Уламадан уласак,
Билгичтерден сурасак.
Топон суу каптап жетпеген,
Толкуган кытай эл экен.
Эч ким сурак албаган,
Эч кимдер чыдап барбаган,
Катылышкан адамдын
Бирөө да тирүү калбаган,
Мынчалык кытай эл экен.
Каның аман калган соң,
Какан Эсен дээр экен
Жарлык кылса жаң-жусу,
Каптап кетчү сел экен.
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өлчөөсү мынча эл экен.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн кайра күчөгөн,
Түгөнбөс кытай эл экен:
Казылган чуңкур, калың ор,
Кайнап кетти түмөн кол.
Кайнап жаткан калың шор,
Баякыдан бешбетер
Кол каптады ушул жол.
Мына ошондо Күлчоро
Жапа тартып турушуп,
Жан аябай кайран эр
Ыйык кол менен урушуп.

www.bizdin.kg



Кичүү чабуул, бир атак,
Камбылдары барында
Каканга салган чоң чатак.
Көз жетпеген мунарык,
Жерге келип урушту,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Элге келип урушту.
Айдай сары талаа экен,
Ал талаада кез болуп,
Кайнап жаткан кытайдын
Азабы мынча бар экен.
Белеси жок, бели жок,
Билбегенди билгизчү
Ал согуштун ичинде
Билимдүү Бакай шери жок.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Кайран башка күн түшсө
Ушундай окшойт дүйнө бок!
Туш-туш жагың чыпчылкый
Бүтөп чыгып баратат.
Өлгөн сайын өрттөнгүр
Күчөп чыгып баратат!
Согуш кылган бул талаа
Үстүнөн ык кетпеген,
Канаттуу сабап үстүнөн,
Жан куткарып кетпеген,
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этим жерде суусу жок,
Буурсун тийген чийин жок,
Суур чукуган ийин жок.
Томуктай жерде тоо жок,
Токумчалык коо жок,
Көз жетпеген мунарык,
Чөлгө Чоро барганда
Каптады кытай чунайып.
Астындагы Суркоен,
Айбандан тулпар ал күлүк
Түз талааны жөлөнүп,
Чарадай болгон кайран баш
Капкара канга бөлөнүп
Көөдөндүн баары чаң болуп,
Көкүлдүн баары кан болуп,
Туман каптап чуу туруп,
Караса көзгө илинбей,
Камгак учкан немедей,
Кайсы экени билинбей.
Астына тарткан темир тор,
Ар жагынан аркайтып,
Айза сунган калың кол.
Жер жарылып былкылдап,
Желигип кытай жетти эле.
Жеткилеңи Коңурбай
Жер жайнаган кол менен
Жетип айза салды эле.
Жер жарылып килтейди,
Жетик балбан Чорого
Жетимиш айза бир тийди.
Ал айзадан өлгөн жок,
Чымын тийип өткөндөй
Бул Күлчоро көргөн жок.
Зың-зың этип кенебейт,
Ажал менен азапты
Артык экен Күлчоро,
Бучкагына теңебейт.
Өлүм камын жеген жок,
Кытай түмөн, бул жалгыз
Кыраандын жанын көрдүңбү,
Өлүп кетем деген жок.
Чыканактап тынч албай,
Чырым этип уйку албай,
Чын мүшкүл тартып салышты,
Ажал жеткен азамат
Айза тийип топ түшүп,
Кыйрап жатып калышты.
Балбаны минтип турганда
Каарданды Коңурбай,
Айбаты мыктуу доңуз ай,
Айкырыгы таш жарып,

www.bizdin.kg



Кыйкырыгы баш жарып:
«Кытай болбой жерге кир!
Кара калмак көп манжуу
Урааның кырк кан журт эле
Көптүктөрүң кесек ит,
Жайнаган кара курт элең,
Чынмачындан, Какандан
Жыйып чыккан мен элем.
Мен Бээжинде турганда,
Колум аман чагында,
Бурут турмак мен өзүм
Алыска чапсам Алгара
Атым билер дээр элем.
Бурут турмак бу журтту,
Урум эмес кылымды,
Уруша чыккан адамды
Талкалармын дээр элем!
Калың кол турса колумду
Жол түшпөгөн капчалды
Жол кылармын дечү элем,
Жологонду кыйратып,
Кор кылармын дечү элем.
Жалгыз келген баладан
Жалтаң уруп каласың,
Жан-жабылып балбаным,
Качан айза саясың!
Өлтүрбөстөн, житирбей,
Өлүмгө кеткен жаман журт,
Каптап кирип баарыңар,
Качан байлап аласың?
Атаңдын көрү, кытай журт,
Баласын көрсөң минтесиң.
Баатыр мыктуу Семетей,
Мунусу келсе кантесиң?
Чоросун көрсөң минтесиң,
Чоң кыраанды эр канкор
Семетей келсе кантесиң.
Айда журтум, айда – деп,
Аламан коюп бул кулду
Калбай каптап баарыңар,
Өлтүрбөстөн-тирилтпей
Өзүмө байлап салгын – деп,
Байлап салсаң баланы,
Дегениңе көнөмүн,
Улуңчу-Дыңша кандыгын
Бирөөңөргө беремин!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Көк күбөнү жамынып,
Көрсөң мындай чоң Калча,
Көк жолборстой чамынып,
Кан ичмеси кармады,
Каалгадай кашка тиш
Камбыл тууган Коң төрө
Бөлө-бөлө чайнады.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн токмоктоп,
Күчүнө салып айдады.
Алгаранын оозун
Буруп ийди Коңурбай,
Ачуусуна чыдабай,
Айдап-жанчып өз колун
Кырып ийди Коңурбай.
Каччу жагын каарлуу
Коңурбай тозуп турду эле,
Дүрбөн салып Күлчоро,
Беттешкен жагын кырды эле.
Канынан каар келгенде,
Каптабай кытай турчубу?
Кайначу кытай калк ошол,
Кармашканды моминтип,
Канын төкмөй салты ошол.
Каптагын! – деп, балбанга
Өкүрүгү таш жарды,
Кыйкырыгы баш жарды.
Катынын кара баскансып,
Куугуну чукул качкансып,
Кудай урду Калчаны,
Бул Калчанын заарынан,

www.bizdin.kg



Согушка салган каарынан,
Жер бузултуп таптады.
Эсебин алган бир жан жок,
Жер жайнаган кол болуп,
Алмамбет уулу Чорону
Ат коюшуп каптады.
Көп угулбайт бакырык,
Дууда калды Күлчоро,
Айыкпай турган бир азап,
Чууда калды Күлчоро.
Кызыкты Калча баштады,
Кыйкырыгын укканда
Өлсөк көөнүм мейли – деп,
Кайнаган кытай түмөн кол
Дүңгүрөп дүпкүр кол салып
Кырылып кете таштады.
Кылкылдап кытай жетти эле
Кара курттай көп балбан
Каптап келип кетти эле.
Кумурскадай кыжырап,
Кара таандай быжырап,
Кыстоо салып, куу башка,
Кыжылдаган кытай журт,
Кырк эки курчап кетти эл
Ортосунда Күлчоро,
Эрениң анда калды эми,
Эстесең согуш чоң мүшкүл
Калың кытай улуу журт
Тегеректеп калды эми.
Сыдырма тийген шамал жок,
Кудайдан себеп болбосо,
Кутула турган амал жок.
Камышты көр, селди көр,
Селчелик кытай элди көр.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Кези келе калганда,
Кырып айдап жоготту
Чорону кайдан оңолтту
Карааны жок, жалгыз эр
Кармаш кылып турушту,
Жазганбастан бала шер,
Жалгыз өзү урушту.
Жел тийбеген куу чөлдө
Жейрендей көзү киртийди,
Ар тийгенде Чорого
Жетимиш айза бир тийди.
Убара болуп жөлөнүп,
Урушка алы жете албай,
Ушундай экен Күлчоро,
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Эрбеңдеген эки кол
Көтөрүлбөй шал болуп,
Көк темирден туулга
Анын алды чарайна,
Чаптады баштын баарысын
Чалкылдаган кан болуп,
Акылманы Бакай кан
Бир көрүүгө зар болуп.
Караан таппас Чоронун
Карасаң башка иш келип,
Кайран жанга күч келип,
Күчөп кытай кылкылдап,
Тегеректеп балбаны
Тепсеп кетчү немедей,
Айланта курчап кылкылдап.
Чалма уруучу ыктуусу
Чалма чал – деп, буркурап,
Темир аркан торчонун
Торко сал – деп, чуркурап.
Адистерин, кандарын,
Артык балбан жандарын,
Каптап кет – деп, буркурап.
Курчаган илек кол болуп,
Куп кайнаган шор болуп,
«Кытай каптап келгиче,
Колуна түшүп өлгүчө,
Тирүү эмес, өлүкмүн,

www.bizdin.kg



Бул казаттын өзүнө
Өлөйүн – деп, келипмин!»
Деп, өшөнтүп, Күлчоро,
Эптеп жакын келгенин
Айза менен кыйратып,
Андан жакын келгенин
Ойкума менен сулатып.
Каптоосуна кытайдын
Көнбөй турат Күлчоро,
Кайран жанды байлоого
Бербей турат Күлчоро.
Кытай каптап келгенде
Алданын күнү бүркөлүп,
Бала Чоро көкжалга,
Башына алтымыш санаа бир келип.
Арманда болуп күйүнүп,
Кытай каптап келгенде
Асыл жандан түңүлүп,
Түңүлө турган себеби,
Коңурбай милек, бул жалгыз,
Чама барбы балага.
Төш таянар бели жок
Толгон кыргыз эли жок.
Качып кирер токой жок,
Кара кылган Бакай жок.
«Которуп минер буудан жок,
Колго түшөр бекенмин,
Ажыратып алуучу,
Кокуйгүн абам, тууган жок!
Бул жазайыл балааны
Көргөнү келген экенмин,
Жер жайнаган кытайга
Жеке келип салышып,
Өлгөнү келген экенмин!
Тогуз бөрү бир койду
Таласа тарпын коебу,
Толгон кытай Чорону
Сабаса жанды коебу?
Айланам көпкөк темир тор,
Байланат белем биздин кол!»
Деп, өшөнтүп, Күлчоро,
Каарланып кайран эр,
Кагыш кылып кол менен,
Каарына кытайдын
Көнбөй турат Күлчоро.
Көөдөн чыр дей түшкүчө,
Байкаганга куу жанды
Бербей турат Күлчоро.
Кайыбынан кабылган
Медиянын чөлүнөн
Кудай сүйгөн Манаска
Курчтан алтоо табылган.
Асмандан түшкөн алты курч,
Алты курчтун бирөөсү –
Алакең алган Жойкума
Аманат калган курч кылыч.
Бир Кудайга зар ыйлап,
Мээнет катын Каныкей,
Берендин уулу Күлчорого
Белек кылып энекең,
Ката жүргөн арынап,
Каканга балдар барсын – деп,
Кайран жанга күч келсе,
Кынына кысып салсын – деп.
Белек кылып алсын – деп.
Мурунку кеткен шерлердин
Алмамбет, Чубак эрлердин,
Мурага калган Жойкума
Ишти Кудай оңдо – деп,
Тобокел өлсөм көрөйүн,
Тоодой Манас, колдо! – деп,
Ал Жойкума кыйын курч,
Кыйкырып кындан чыгарса,
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Канга мыктап тойбосо,
Катса кынга кирбеген.
Кындан алса караның,
Мизи чоктой кызарган,

www.bizdin.kg



Кыйкырык салып шилтесе,
Кулач-кулач узарган.
Кыя тартып шилтесе,
Таамай тийген душманга
Талкан болуп турбаган.
Тийсе мизи илинбей,
Шилтегенде жөн эле
Тик чапса өткөн билинбей.
Атасы Алмаң көкжалдан
Мурага калган Жойкума
Кармай калып сабынан,
Атакем Манас, колдо! – деп,
Кылычты сууруп кабынан.
Бет алдына келгенин
Оң-тетири каккылап,
Туура келе түшкөнүн
Өзүң көргөн Жойкума
Олдоп-солдоп чапкылап
Ойрон кылып турду эле.
Кытайдын алып, дөөлөрүн,
Атка минбес жөөлөрүн,
Бир нечесин кырды эле.
Кайрат кылып чунайгыр,
Кан Алакем жалгызы
Мынчалык кызык кылды эле.
Каптап келген жайсаңдар,
Денеси калып, башы жок,
Чачы үзүлүп булайып,
Манжуу кечил эрлери
Өлүп жатты тырайып.
Кайраттуусу, эрлери
Канчасы өлүп булайып,
Катуу кыргын болду эле.
Тегеректеп алаарда,
Теги кытай Коңурбай
Темирден торго салаарда,
Көөдөнүндө көп санаа,
Көкжал аба Семетей
Оюна түшүп ал бала.
Оңжондотуп Буурулду,
Оюн салып кытайга
Ойбу-тойбу урушуп,
Жарап жүргөн кези экен.
Жоо көрө элек Күлчором,
Жоругу кандай болот – деп,
Жоо бөрүсү Семетей
Карап жүргөн кези экен.
Такыядай боз дөбө,
Салып чыгып эр төрө
Ардай болгон Буурулдун
Тартып оозун бурду эле,
Көз жетпеген мунарык,
Миздей болгон талаада
Уйгу-туйгу түмөн кол,
Ортосун карап турду эле,
Адам, Кудай бетин көргөзбө,
Кылкылдап кытай кетиптир,
Эр Күлчоро баланы
Калың кытай, көп манжуу
Кырк эки курчап кетиптир.
Айзачаны айза уруп,
Балтачаны балта уруп,
Кудай бетин көргөзбө,
Темирден чалма салыптыр,
Тегеректеп калыптыр.
Айкасаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Тегеректеп темирдей
Ала турган кези экен,
Бир балаага Чорону
Сала турган кези экен.
Баатыр каптап, баланы
Байлай турган болуптур.
Көкжал эри Коңурбай
Жайлай турган болуптур.
«Айланайын, Күлчором,
Өөдө тартса өбөгүм,
Ылдый тартса жөлөгүм.

www.bizdin.kg



Астыга салсам ак жолум,
Атаңдын көрү дүнүйө
Айдап жүрсөм сан колум.
Алтындан кылган сом балтам,
Айчылык жүрсөм чоң аркам!
Болоттон соккон айбалтам,
Болжолу жок чоң аркам!
Эки Чоро түгөйүм,
Күлчородон айрылып,
Кантип тирүү жүрөйүн!
Ала деңгил мас эле,
Чолпонум Чором, жаш эле!
Согуштан калып аянып,
Не муразга жетейин,
Бул Чоромдун алдына
Курмандык болуп кетейин!
Кыргынды кызык салайын,
Кытайга кирип кол салып,
Ажыратып алайын!
Бир кызыкты салбасам,
Ажыратып албасам.
Кан Коңурбай канкордун
Жылкысын тийип кайрылып,
Кантип кетем Таласка
Кара кылып олтурган
Күлчородон айрылып.
Эр өлчөөгө жете элек
Каныкейдин эмчеги
Таңдайынан кете элек
Айкырып жоого тие элек,
Жоо кадырын биле элек.
Жер жайнаган көп кытай
Такыр каптап өтөбү,
Күлчородон айырып,
Түбүмө менин жетеби?!
Өлбөй тирүү жүргөндө,
Не муразга жетейин,
Күчөгөн окшойт Коңурбай,
Күрпүлдөшө кетейин!
Атышты арбын салайын,
Айгайлуу дүмөк, чоң жаңжал
Аман болсо салайын,
Кызыл чоктун ичинен
Кыраан тууган Чоромду
Ажыратып алайын!»
Ээлендирип, булкунтуп,
Ардай болгон Бууурулду
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Чымырканып кайран шер,
Ажалдан кайра тартпаган
Атасынан бабасы
Ушундай кыйын кайран эр,
Атасы көкжал Манастан
Артык тууган эр неме,
Арысландай болуп көз жайнап,
Кан ичмеси бек кармап,
Каалгадай кашка тиш
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алыптыр.
Кара көзүн нур чалып,
Ачса оозунан өрт жанып,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Каарлуу төрө бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Кытайдан тозок болбо – деп,
Кабылан тууган эр эле
Чорону Кудай колдо – деп,
Тутам жери кырдалуу,
Тутам жери сырдалуу
Бөлөкбай кылган Сырнайза
Бет алып жоого муштаса,
Болоттугу билинген
Муштаганда бул каран
Сынып кетпей жөн эле
Түпкүч болуп ийилген.
Кылыч кесип кетет – деп,
Кырына болот тарттырган

www.bizdin.kg



Кыйын уста Бөлөкбай
Кылымын бөлөк арттырган
Чылгый билдин терисин
Тыш кап кылып каптаган
Жолу болгон чиркиниң
Жоо жагына баптаган.
Чымын тийсе «кыңк» эткен
Камчы тийсе каранга
Добулбастай «каңк» эткен.
Караңгыда сундурса
Чычаладай кызарган
Бет алып жоого сунганда
Кырк кулач болуп узарган.
Колдон тайып кетпеске
Сары алтын салып орогон,
Кыдырлуу тууган канкордон
Алышкан жоо кулаган.
Буурулдун оозун бурду эле,
Өзүң көргөн Сырнайза
Күркүрөтө сунду эле.
Асмандан түшкөн Боз кисе
Жекейне белге курчанып,
Жер жайнаган кытайга
Жеке аралап кол салып.
Капталдан чыгып бакырып,
Кан Манастап, ураан чакырып.
Артык тулпар Арбуурул
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Жебеден мурун жетти эле,
Жер жайнаган сан колго
Жеке кирип Семетей,
Аралаша кетти эле.
Күлчорону курчаган
Көк темирдей калың кол
Көкжал Семең кол салып,
Кыргын болгон ошо жол.
Бөйрөгүн бузуп кол салып,
Бөтөнчө кирип жол салып,
Айгайы артык чуу болуп,
Буурул менен ойнотуп,
Кирген жерде көкжалың
Баатырсынган шерлерин,
Айзакерден эрлерин,
Аралап кирип кол салып.
Жети миңин майдалап,
Жеткендин баарын айзалап,
Жеткилеңи Коңурбай
Кечилдин каны кайдалап.
Ардай болгон Буурулду
Аркы-терки ойнотуп,
Ителги таан кыргандай,
Айдап жүрөт сойлотуп.
Канкордун уулу эр Семең
Калайманды салды эми,
Айзакерден эрлери,
Балта чапчу шерлери,
Кайра качып калды эми,
Мына минтип чоросун
Ажыратып алды эми.
Асмандан мунар жошулуп,
Ажал жетип, күн бүтпөй
Семетей менен Күлчоро
Аман-эсен кошулуп,
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп калды эле,
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп калды эми.
Өкүм тууган эр төрөң,
Атасын тарткан эр немең
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Аябаган дүмөктү
Салып чыкты Семетей.
Аябаган сан колдон,
Ажыратып Чоросун
Алып чыкты Семетей.
Үзүлгөнүн улады,

www.bizdin.kg



Чачылганын жыйнады.
Уруштун жайы ушундай,
Салышпай карап турбады.
Ал согуштун ичинде
Албан түрдүү кан өлүп,
Алышкандын баары өлүп,
Айзакерден ыктуу өлүп,
Аябаган мыкты өлүп.
Жекеме-жеке турушуп,
Жети күн тынбай урушуп.
Орто жерин Семетей,
Оюп келип берди эле
Эки четин Күлчоро
Союп келип берди эле.
Калдай четин кан абаң
Камап келип берди эле,
Орто жерин Күлчоро
Сабап келип берди эле.
Азууларын аркайтып,
Ат башы тоодой жыйылып,
Муруттары сербейип,
Эр башы тоодой жыйылып.
Добулбас бекем кагылып,
Семетей кирип барганда
Кол эсинен жаңылып.
Эр Коңурбай Калчанын
Эренелүү каны өлүп,
Эрдик кылбай качам – деп,
Эр Тагылык бала өлүп.
Күрпүлдөктүн оюна,
Каспаң деген аты бар
Кара-Тоонун боюнда.
Камап айдап барды эле
Түгөнгөн тоонун урчукка
Дүмүрөйгөн тумшукка.
Жаңы келип жеткенде
Казылган экен терең ор,
Баштагыдан бешбетер,
Каптаган экен калың кол,
Жер айланып кир болуп,
Келе жатат калың кол
Жер жүзү менен бир болуп,
Каран күн жанга зор келип,
Түмөндөгөн калың кол
Түп көтөрө мол келип,
Алышса адамдын алы жеткисиз,
Арысландын тиши өткүсүз.
Баштагыдан мол келип,
Быяк жагы көп колдун
Кара кашат бетинде,
Бир жак жагы көп колдун
Каспаң-Тоонун четинде.
Түгөнгөн сайын түтөптүр,
Түбүнөн бери күчөптүр.
Жалгыз барып жылкы алып,
Бир азапка капталып,
Жер жайнаган каканчы
Калган экен капталып.
Түп көтөрө Бээжиниң,
Түгөл чыгып дүңгүрөп,
Казылган калың ор болуп,
Какандын колу козголуп.
Алөөкөнүн Коңурбай,
Айласы тегиз доңуз ай.
Чын какандын шаарына
Бээжиндин Кары канына
Алты тулпар ат берип,
Алакандай кат берип.
Бурамалуу жез балта,
Бурчтан кармап имерип,
Атка оюнчу, жөө күлүк
Чадоокерди* жиберип,
Чадоокер чочко барыптыр,
Туш-тушка кабар салыптыр.
Токтобой жолго желиптир,
Тутанып өлгөн бул чочко
Туш-тушка кабар бериптир.
Кандын турган шаарында

www.bizdin.kg



Кырк эшиктүү чоң Бээжин,
Бул эшик менен тиги эшик
Атчан жүргөн адамга
Кырк күнчүлүк жер экен.
Эки эшиктин ортосу
Өзүң көргөн калың эл,
Кумурскадан мол экен.
Кырк эшиктин ортосу,
Айланасы чынар бак
Ортосунда алтын так.
Алтын тактын үстүндө,
Бээжин каны Кары кан
Өзү улук, кудаа эмес
Кудайдан иши жуда эмес.
Узак жашап түк өлбөй,
Жүргөн жандын бири экен.
Азап менен тозокту
Алты айдан мурун немени
Билген жандын бири экен.
Атагын көргөн чочуган,
Ажайыптан окуган
Чоң-Бээжини чулгаган
Темир капка шаар экен,
Бээжин Кары канында
Мынчалык сонун бар экен.
Ажайыптан окуган,
Атагын уккан чочуган,
Дүбүрүнөн чаң чыккан
Кобурунан жан чыккан
Кан салган алтын ак сарай,
Сөлөкөтү бир далай.
Чынардан добул багы бар,
Анын асты жагында
Ажайыбы дагы бар.
Жолуң каткан чоң кандын
Жолборсу он беш төлдөптүр,
Жолоп адам келбептир.
Тайбастан баккан үчү бар,
Бир тайбастын өзүндө
Токсон жолборс күчү бар.
Көргөн жанды лоп тарткан
Сексен жылан каранар,
Сейилдиктүү чоң кандын
Бул кылыгын караңар.
Адам чаап өлтүрчү
Кылыч тумшук били бар.
Ал күнү кабар угуптур,
Каарланып Кары кан
Капкасына чыгыптыр.
Каарланып Кары кан
Калкына кабар чачыптыр,
Бир эшигин бул чоң кан
Кырк качырга сүйрөтүп,
Дарбазасын ачыптыр.
«Ажал жетсе калайык,
Чын кырылып өлгүн – деп,
Өлбөй тирүү калганың
Өз-өзү күнүңдү көргүн – деп,
Кагыш катуу деп уктум,
Карыганда Калчага
Караан болуп бергин» – деп,
Түмөндөтүп кол айдап,
Колдун баарын чогуу айдап,
Азар түмөн кол айдап,
Аз гана эмес, мол айдап,
Өңгүл-дөңгүл алпты айдап,
Өзү билген кайран кан
Буйрук кылып жалпы айдап.
Кол айланып жошулуп,
Жолу каткан калың кол
Калган экен бул кезде,
Коңурбайга кошулуп.
Каарлуу балбан канаты,
Качан болсо ушинтип
Каптата бербей адаты.
Эңкейтип адам ала алгыз,
Буга эч чыдап бара алгыз.
Чабышып чама келгисиз,

www.bizdin.kg



Чарпышкан адам тарткысыз.
Кара курттай капырың,
Кан Коңурбай баатырың.
Кара талдай капырды
Кайрылтып айдап сапыртып,
Кыйла күн тынбай турушту.
Мылтык атып, жаа тартып,
Кыргындашып урушту.
Сары-Суудан өткөрүп,
Күрпүлдөктү кечирди.
Күрпүлдөктүн Сары-Суу,
Күчтүү согуш мына бул!
Каарланып сапырып,
Кан Коңурбай Калчаны
Канкор тууган Семетей
Кайра сайып бакырып.
Сары-Суудан кечерде,
Бээжинге айдап өтөрдө,
Атасынын сырдашы,
А дүйнөлүк курдашы,
Абасы Бакай карыя
Жол баштаган олуя,
Ак сакалы суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Көкчолокко камчы уруп,
Каарланып бакырып,
Семетейлеп чакырып,
Ойдо Бакай бакырып,
Семетейди чакырып.
Жеткилең Бакай абасы
Жебеден мурун жетти эми,
Жеткен жерде төрөнү
Бакай кан кармап кетти эми.
Ардай балгон Буурулду
Суулуктан кармап жетелеп,
Ээлендирип, жулкунтуп,
Энтиктирип булкунтуп,
Карганда Бакай абасы
Бул акылын карачы!
Мурутун булкуп ыргытып,
Сакалын жулкуп ыргытып,
«Бозала туйгун болпоңум,
Боз карчыга чолпонум!
Казмак болдуң орумду,
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Качан болсо тил албай,
Кайнатмак болдуң шорумду!
Карыганда абаңа
Сактаттың Сары-Талааны,
Салмак болдуң сен мага,
Адам көрбөс балааны!
Кызыталак каканчы,
Бээжин жайын мен билем,
Бул Бээжинди жердеген
Элдин жайын мен билем.
Нур төгүлгөн жер эле,
Чабышып чама келе албай,
Нечен жоонун баарынан
Аман калган эл эле.
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Кара курттай калкы бар.
Кармашкандын баарысын
Канын ичмей салты бар.
Беттеп менде жеңбеген
Кызыталак Бээжинге
Бет алып адам келбеген.
Каарлуу кыйын кан аты
Качан болсо бул Бээжин
Кармашканды соо койбой,
Канын төкчү адаты!
Ой, кулунум, Семетей,
Бээжинди кимдер жердеген,
Сен турмак көкжал атаңа
Бээжин журт өнөк бербеген.
Кармаш кылса каканчы,
Көптүгү туура билинген.
Доор-кыямат болгуча

www.bizdin.kg



Бээжинди эч ким албайт – деп,
Даңзасына чийилген.
Чабышып чама келбеген,
Чалышып адам жеңбеген.
Көптүгү маза бербеген,
Көптүгү кытай эл ошол.
Каканга кирип кайрылып,
Кандарыңдан айрылып,
Каран калган мен ошол!
Бу Бээжиндин согушта
Кагышып жүрүп кайрылып,
Караандардан айрылып,
Каран күн болгон жерим бар,
Бээжинге согуш кылганда
Жойболотум маталган,
Жолборстордон айрылып,
Жолу болсун Бакайдын
Ошондо көзүм кашайган.
Бээжинге кирген казатта,
Өткөн жолку азапта
Шер атаң Манас кан өлгөн,
Серпишкен жандын баары өлгөн.
Алмамбет, Чубак эр өлгөн,
Арысланым Сыргак тең өлгөн,
Музбурчак, Көкчө кан өлүп,
Кез болгондун баары өлгөн.
Алты айчылык зор Бээжин
Арасы жакын жол дебе!
Ай-аалам кирбес Бээжинди
Мендеде минтип кор дебе!
Беш айчылык бул Бээжин
Белеси кыска жол дебе,
Бет алып менде барбаган
Кызыталак Бээжинди
Мендеден мынча кор дебе!
Айтканым мындай билип ал,
Артыгым уулум, тилимди ал!
Уй түгүндөй көп кытай
Уруш кылып нетели,
Кокуй күн, уулум, кетели,
Аман Талас жетели!
Арбынырак кол алып,
Ок өтпөгөн тон алып,
Ок жетпеген ат камдап,
Таласта арбын кыргызды
Жоого мыктап шайлайлы,
Балам, жоо-жарагын камдайлы.
Кытай менен чабышып,
Капыяда калбайлы!»
Деп, өшөнтүп, зор Бакай,
Ээликтирип, жулкунтуп,
Кан ичме канкор баатырды
Эсеби жок булкунтуп,
Коштоп чыкты төрөнү,
Коржойгон опсуз немени.
Бер жак жагын караса,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Чубактын уулу Канчоро
Ээлендирип жулкунтуп,
Арысландай алган булкунтуп,
Жолборстой көзүн кызартып,
Жай-жарактын баарысын
Жан-жанында чубатып.
Жаңырыктын Шар-Кыя,
Жалгыз малдын чубама,
Жалаңдатып чиркинди
Жалгыз жолду төтөлөп,
Аба ак жолтой чунакты,
Күлчоросун Канчоро
Алып келди жетелеп.
Ободон мунар жошулуп,
Өлбөй житпей кыраандар
Ошол жерде кошулуп.
Баш кошулуп алышып,
Байкап карап турду эле.
Жалпак-Кыя, Жар-Таш бар,
Жандап адам келбеген,
Жабылса душман жеңбеген.

www.bizdin.kg



Жакшы өзөндүн өзү эле,
Жан жыргатар жер эле.
Кызылдай согуш, чоң чатак,
Батып кеткен кез эле,
Баатыр Алмаң эр туйгун
Башта келип Бээжинге
Жатып кеткен жер эле.
Ошол жерге баралы,
Жан сергитип алалы!
Жабыла, кытай каптаса,
Анан жаңжал салалы!»
Деп, өшөнтүп, эрениң,
Билбегенди билгизчү
Билимдүү Бакай көзөлүң,
Туйгун Бакай карыя,
Ар балаа, тозок мүшкүлдү
Ашкере көргөн олуя.
Баатырдыгы башкача
Балбандыгы бир канча,
Тилге чечен, сөзгө уста,
Так ошондой олуя.
Манас менен бир жүрүп,
Баарын билген жарыя.
Абасы Бакай муну айтып,
Жалпак-Кыя, Жар-Ташка
Жандап барып турду эле,
Алакең жаткан жер экен,
Айланасы мунар тоо
Жааннам тийбес чеп экен.
Өзөндөн аккан суусу бар,
Өзү бийик, жери тар.
Эрендер жатчу жер экен,
Жалпак-Ташка барганда
Эрендердин баарысы,
Акылман Бакай карысы,
Чыканактан уйку алып,
Чырым этип тынч алып,
Алп уйкуну салды эле,
Жамбаштап уйку кандырып,
Жатып жанды тындырып,
Так өшөнтүп турганда,
Кагышка минген бууданды
Кармап жүрүп откозуп,
Бөлөк чөптөн үздүрбөй
Бетегеден откозуп.
Көп жетелеп олтуруп,
Көөдөнүн чөпкө толтуруп.
Талыкпастан олтуруп,
Таза буудан тулпардын
Таз кардын чөпкө толтуруп.
Сан бетеге, миң чөптөн
Орой-орой чалдырып,
Оолуккан карандын
Суусундарын кандырып.
Кара шибер чалдырып,
Суусунун ырас кандырып.
Алдындагы калың кол,
Чочуп атты токунуп,
Кыраан Бакай абасы,
Башта көргөн адис эр
Кайнаган журттан чочунуп.
Ок өтпөс оңдоп кийишип,
Жер жайнаган кытайдын
Не кыларын билишип.
Кынсыз кылыч байланып,
Жай-жарагын жайланып.
Бакай тилин алды эми.
Таласка эсен кетүүгө
Эптеп Талас жетүүгө,
Тегиз тулпар көйкашка
Буудан оозун жайышты.
Бура тартып турбастан,
Кыраан шерлер жарышты.
Окоро түйгөн ак тизгин
Тарттырбай колдо карышты,
Бетегелүү кайкаңга
Берендер келип турду эми.
Белеси бийик тайпаңда,

www.bizdin.kg



Боор токтошуп эрендер
Эсепсиз балбан, артык шер,
Жоо бөрүсү берендер
Кароол карап турду эле,
Бу дүйнөдө сөзү ачык,
Өлмөн чайын көзү ачык,
Бек көрөгөч, чын билгич,
Берени Бакай абасы
Каарын салып бакырып,
Семетейлеп чакырып:
«Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?
Чөңөрдүү кырдын четинде,
Чоң талаанын бетинде,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Келишкен илек кол айдап,
Келтирип баарын чогуу айдап,
Атышты арбын салганы,
Ал өрттөнгөн кызыталак
Азыр кармап алганы
Сары изиңе чөп салып,
Саргара кууп алыптыр.
Куу изиңе чөп салып,
Кубара кууп калыптыр,
Кудай уруп салыптыр!
Бет алдында Коңурбай,
Жекеге чыгып алыптыр!
Астындагы Кара аты,
Кара атынын бар эле
Капталында канаты.
Качан болсо Коңурбай,
Аалам жанды куткарбас
Ал капырдын адаты!
Жекеге чыгып алыптыр,
Добушунан чочконун
Жер жарылып калыптыр!
Астындагы калың кол,
Бул кан талкан кылыптыр,
Кез болгонун уруптур!
Карарган күндөй бүркөлүп,
Бек каранды салыптыр
Жер жарылтып, кол айдап,
Бириндетпей балбанды
Баарын жыйып, чогуу айдап,
Калган экен Коңурбай,
Кармашканга бек мүшкүл
Салган экен Коңурбай!»
Деп, өшөнтүп, турду эле,
Абасы Бакай карган чал
Айтып оозуң жыйды эле.
Кечилдердин Коңурбай,
Кебез белбоо тон алып,
Аз болгондо бул каран
Кечилден илек кол алып,
Урушка кирер баркы бар,
Чын көгөрүп, жан таштап,
Чын колун айдап, чыр баштап,
Көгөргөн экен каркыбар.
Оюна койсо, Коңурбай
Төбөдөн кармап баскыдай,
Төрт түлүктүн баарысын
Быт-чыт кылып чачкыдай.
Кайран жанды аябай,
Карара кууп, чатакты
Эсеби жок баштаптыр,
Каарынан кара жер
Каңтарыла таштаптыр!
Кара жер чаңдап буркурап,
Качпа, бурут, качпа! – деп,
Калың кол каптап чуркурап.
Эрени эчен кан болуп,
Ээликкенде кара жер
Топурак учуп, чаң болуп.
Артынан изи оюлуп,
Каарынан капырдын
Чубап жүрсө кара жер,
Кат-катынан оюлуп.

www.bizdin.kg



Белгилүүсү Коңурбай,
Бет жагында Жөөкүлүк
Алкымында Карагул,
Айдаган колу мына бул.
Семетей бери тартканда,
Өзү сынчы Коңурбай,
Өлчөөнү билген доңуз ай,
Тумандаган көп колду
Чубатууга салыптыр.
Билими жетик ыктуудан,
Миң балбандык мыктуудан,
Чын каракөк эренден,
Кайраты ашык беренден,
Ажал жетсе өлчүдөн,
Беттешсе кайра тартпоочу
Талкалаша берчүдөн,
Жоо бөрүсү ыктуудан,
Эң толумдуу күжүрмөн
Айза сайчу мыктуудан
Миңин таштап, бирди алып,
Санын таштап, миңди алып,
Көк темирдей курчалып,
Артынан кууп алыптыр.
Ой олкулдап, таш күйүп,
Оңбогурдун заарынан
Жер силкинип калыптыр.
Чыгып колун жайнатып,
Колдун артын бул чочко
Каракулга айдатып,
Мунарык түшүп, жер жайнап,
Менде көрбөй шор кайнап,
Жолунда экен Коңурбай.
Жонокчу менен бакырып,
«Жоболоңдуу жетимдер,
Токтой тур!» – деп чакырып,
Каарланып күүлөнүп,
Жалаңгычтай түрдөнүп,
Оруп-жыйып алчудай,
Оңурандайт Коңурбай.
Айдаган колун карасаң,
Кылычтары бетинде,
Кыйындары четинде.
Балталуусу бетинде,
Балбандары четинде.
Коңурбайдын ал колдо
Эмине бар, нелер жок,
Эстесе мүшкүл иш жаман,
Ушундай экен дүйнө бок!
Качыр минген шерлери,
Билеги жоон, таш жүрөк
Кайраты толук эрлери.
Кол качтылап уратып,
Козгоп элди чуратып,
Койбой айдап алыптыр.
Таласка чейин кууга,
Алөөкөнүн Коңурбай
Айбаты катуу, заары күч,
Кезиккен жерди кылчу түз,
Келе жатат кол каптап,
Аз гана эмес, мол каптап.
Ач айкырык, чуу болуп,
Жер жарылган чуу болуп,
Балталары сороктоп,
Айзалары короктоп,
Белеске чыга келди эле.
Берендин жайын сурасаң
Кечилдин каны Коңурбай,
Келберсиген доңуз ай:
«Атаңдын көрү, бурут дейт,
Бурут түмөн журут,– дейт.
Оңбогон бурут, оңбойсуң,
Качан болсо Каканга
Кол салганың койбойсуң!
Камбылың казыр билермин,
Кулак угуп, көз көргүз
Жерге айдап сүрөрмүн!
Акыйнекти айтармын,
Күлүңдү өрттөп сапырып,

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Момундай кылып кайтармын!
Саныңды таштап, бириңди,
Жамандың коюп ириңди,
Өлтүрүп союп кайтармын!
Баатыр десең баатырмын,
Байкуш башым барында
Бурутум, сага татырмын!
Журтуңа айза сунармын,
Абаң Калча барында
Элиңди талкан кылармын!
Таш коргонуң талкалап,
Кубаган журтуң куйкалап,
Алгара тандап минермин,
Ачуум келди, бурутум,
Анжыян айдап кирермин!
Ташка барып кол салып,
Жылкыңды тийип, мүлдү алып.
Жаның чыккан, бурут кул,
Бүлүк салдым кимиңе?
Каарым келди какайдым,
Катылбай койбойм бириңе.
Козголоң салып эриме,
Жаңжал салып Бээжинге
Жылма кылып жылкы айдап,
Көргөнү келген экенсиң.
Чын ажалың бек жетип,
Өлгөнү келген экенсиң!
Өзүң тийдиң бурутум,
Жаккан отуң өчүрөм,
Жан жабылта көчүрөм!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Куйкалап өрттөп, көп айтып,
«Кырылдың, бурут!» – деп айтып.
Коңурбай чыгып келатат,
Мына ошондо Күлчоро
Абасына жалынып,
Аттан түшө калды эле.
Коңурбайга беттешип,
Кое бергин мени – деп,
Жекени сурап калды эле.
Ай, абаке, Семетей,
Жекени берчи алайын
Кагылайын абаке,
Алөөкөнүн Коңурбай
Жекеме-жеке сайышып,
Жетиктеп уруш салайын!
Жети атам сойгон чочкодон
Сайышып өчүм алайын!
Алакан жайып, батаң бер,
Кокуй, аба, барайын.
Түрү суук кытай, көп манжуу
Түгөнүшүп көрөйүн!
Ажал жетип, күн бүтсө,
Агыштан канды төгөйүн!»
Деп, өшөнтүп, Күлчоро,
Айтып какшап турганы.
Чочуп кетти Семетей.
«Кокуй, балам, не дейсиң?
Буудандуу белес чоң кайкы,
Бурулбай ашчу тоо эмес,
Алөөкөнүн Коңурбай
Оюн кылар жоо эмес.
Балтыр этиң толо элек,
Жекеге кирип, айза уруп,
Басташар чагың боло элек!
Керүүсү бийик белеске
Кеңешпей чыкчу тоо эмес,
Кечилдин каны зор канга,
Көп кылбай тийчү жоо эмес!»
Деп, өшөнтүп, Семетей,
Ардай болгон Буурулду
Оңдоп токуп оолугуп,
Булгаары тердик, көк токум
Бура тартпай ыргытып,
Ардай болгон Буурулга
Оңдоп токум салды эле,
Алмамбет кылган Акканкы
Семетейге чак каңкы.

www.bizdin.kg



Алдыңкы кашы нак алтын,
Арткы кашы чылк күмүш.
Эки каптал эн темир,
Эңишке минсе эңкейбес,
Айза салса кылт этпес.
Үстүндөгү минген жан,
Эгерде куйрук былк этпес,
Чайындылап чаптаткан,
Булгаарыга каптаткан,
Кыйшык жерин оңдогон,
Семетейге болжогон.
Өзүң көргөн Акканкы,
Ардай болгон Буурулдун.
Ал үстүнө салды эле.
Басмайылын бек тартып,
Көмөлдүрүк узартып,
Куюшканын кыскартып,
Чатыраган Буурулдун,
Чап олоңун бек тартып,
Абасы Бакай көкжалдан
Жардамды жакшы сурады,
Күйгөн өрттөй эр төрө
Жаңжал салбай турабы.
Ардай болгон Буурулга,
Алтын таман үзөңгү
Теппей ыргып чурады.
Жай-жарагын салынып,
Кечилдин каны Коңурбай
Бир беттешип калууга,
Опол-Тоодой эр чиркин
Дал ошого камынды.
Сыр найза колдо колоктоп,
Опол-Тоодой онжоңдоп,
Узун бойлуу, кең далы,
Чоңдугу тоодой кабылан
Жекеге чыкты коржоңдоп.
Коңурбай көздөй бет алса,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көргөн жерде баатырың,
Опол-Тоодой көрүнүп.
Кырк чилтен кыдыр Илиясы,
Кыдырата чуу туруп,
Кыдыр чалган кыраанга
Жөлөк болуп алыптыр,
Кара чаар кабылан
Как алдында чамынып.
Чилтендин бирөө сур жолборс
Жарып кетчү немедей,
Оозун ачып Калчага,
Бара жатат камынып.
Көбү жалган, көбү чын,
Көрүп келген бир жан жок.
Жармы төгүн, жармы чын,
Жанынан келген адам жок,
Жараткан өзү билбесе.
Семетей жайы момундай
Алп кара куш зымурук,
Арбайта бутун сунуптур,
Коңурбайды карата,
Ызырканып туруптур.
Кытайлардан Коңтөрө,
Кылымды билген чоң төрө
Зың-зың этип кенебей,
Бу коркушун Коңурбай
Бучкагына теңебей.
Жер жарылтып, чуу туруп,
Жекеге чыкты кенебей.
Баатырлыкты, шердикти,
Акылманды, эрдикти
Адам, Калча көкжалга
Берген экен ченебей.
Теке какан Бээжинге
Темирден кашаа чеп экен,
Тек атаң көкжал Манасты
Мерт кылганы эп экен!
Алөөкөнүн Коңурбай,
«Кел бери!» – деп бакырып,
Семетейди көргөндө

www.bizdin.kg



«Өчүндү алгын чунак!» – деп,
Жадаалданып чакырып.
Жана көрсөң Коңурбай,
Жан куйгүзүп бакырып,
«Өйүз-бүйүз төш майдан
Өзүм чалган жол эле,
Сен эмес, атаң көөдөктү
Алты алдаган кол эле!
Каарым келди какайдым,
Кысталак балам өлдүң, – деп,
Алтымыш жаның болсо да
Азыр менден өлдүң!» – деп,
Кайраты толук капырың,
Кан Коңурбай баатырың,
Ачуусу келген эрениң,
Айласы жетик берениң,
Эки көздүн кычыгы
Төбөсү түшкөн көргө окшоп,
Ай маңдайын карасаң,
Ээн жайлаган төргө окшоп.
Мурутунун бир кылы
Майлаган балта сабы окшоп,
Мурунунун чоңдугу,
Селебенин кабы окшоп.
Өтүгүнүн таманы
Алты карыш сере* экен,
«А дүйнө кеткен атамды,
Алөөкөнүн Коңурбай
Чаап ийери эп экен!»
Каарланып Коңурбай,
Кебез белбоо, кең өтүк
Келберсиген көйкашка,
Кең көкүрөк, жайык төш
Кебетеси бир башка.
Ач арсылан каптанып,
Түлөгөн бүркүт баштанып,
Как дөбө тоодой курган баш,
Бөктөргөлүү чапандай
Көз үстүндө кара каш.
Кара деңгил таш майдан
Кагышка чыкты Коңурбай,
Салкын белес ак кайкаң,
Сайышка чыкты Коңурбай.
Каарланды күпүлдөп,
Камраты толкуп дүпүлдөп,
Албан түрдүү көп кылып,
Айкырып турду Коңурбай
Адам өлчү шерт кылып.
«Манастын уулу сен болсоң,
Баатыр Калча мен болсом,
Жекеме-жеке турушуп,
Элсиз ээн талаада
Дарт кумардан чыгалы,
Жети күн тынбай урушуп.
Айбатты артык салышып,
Айзалашып калышып.
Мени сайып сен алсаң,
Дегениңе көнөйүн,
Чымачындын Бээжиндин,
Чын кырк уруу журтумдун
Мал-башынын баарысын
Балам, сага берейин!
Калкыма кабар салайын,
Кырк эшиктүү Бээжинге,
Бээжин деген жериме,
Жер жайнаган кырк уруу
Улуктуу дыңша элиме
Кан көтөрүп алайын!
Сени сайып, мен алсам,
Чет-Бээжин бойлой конуп бер,
Өзүмө уул болуп бер!
Анда да балам жөн койбой,
Калкыма кабар саламын.
Бээжиндеги кырк шуркут,
Амыз кылбай, ар кылбай
Алпарып айгыр саламын,
Эрдик жайым ушундай,
Өзүңөн тукум аламын!

www.bizdin.kg



Жекеме-жеке турушкун,
Жетик болсоң, эр болсоң,
Манастын уулу шер болсоң!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Булуттай учкан Кара атты
Тартып оозун бурду эле,
Билгизе шумдук кеп айтып,
Кечилдин каны Коң төрөң,
Келберсиген чоң төрөң,
Мынчаны айтып турду эле.
Коңурбай мындай деген соң,
Күйүп-бышып ич кайнап,
От чагылып, көз жайнап.
Эрте сөзү кеч болуп,
Жекеме-жеке чыгууга,
Жеткилең уруш салууга,
Эки көзү төрт болуп.
«Болду, Калча, баатыр – деп,
Жеке чыкпас кишинин
Жети атасы капыр, – деп,
Аянбай айза салыңыз,
Мурун сайып эр Калча,
Кезетиңди алыңыз!
Саксаңдашпай, чырдашпай,
Кезегиңди берейин
Ажал жетип, күн бүтсө,
Казам жетсе өлөйүн!»
Деп, өшөнтүп, Семетей,
Ардай болгон Буурулду,
Оңжоңдогон каранды
Ойнотуп оозун бурду эле.
Ээр белдей белеске
Туура тартып даңкайтып,
Кезетин берип турду эле.
Керүүгө турду Семетей,
Кенебеген эр Калча
Жаадай учкан Алгара,
Жаның чыккан Коңурбай
Учу болот, түбү курч,
Уйпалгырдын айзасы
Учуна салган кара курч,
Бөрү тил кылып эгеткен,
Жоого ылайык челиткен.
Сайышса жанды түгөткөн,
Сары жезден колоткон
Салмактуу кыйын сыр найза,
Опол-Тоодой эр Калча
Күркүрөтө сунду эле.
Туруп берген чунакты
«Ак кисенин бети, – деп,
Өпкөнүн кыйгач чети,– деп,
Жүрөктүн салым тушу, – деп,
Өлүүчү жери ушу!» – деп,
Өлчөп кармап Коңурбай,
Аалам журтту буй кылган
Атагы оор шер Коңур
Манастын уулу чунакты
Айкырып айза сунду эле,
Ачкан көзүн түк жумбай,
Адис болгон союлгур,
Алып кармап айзаны
Болжолдуу жерге урду эле.
Сырттандын уулу эр чунак
Зың-зың этип кенебей,
Калчанын сайган айзасын
Коко ордуна теңебей,
Тону калың көкжалды,
Тоодой Манас арбагы
Чоң токтотуп калыптыр.
Берен катын Каныкей,
Каныкей кылган аколпок,
А дүйнө кеткен Манаска
Өлчөө кылып ал жеңең,
Бир жанына чак олпок,
Табылгы Жакса чок өтпөс,
Айза салса ок өтпөс,
Жылан боор бүктүргөн,
Жылас болгон каранды

www.bizdin.kg



Жымылдата тиктирген.
Курч койдуруп сологон,
Кыраанындын казына
Кыйын жаман корогон.
Аколпоктон айза өтпөй,
Ары этине курч өтпөй,
Сокмок тайдай жетти эле,
Уңгусунан жез найза
Төрө Калча сайганда,
Быт-быт болуп кетти эле.
Кайкалактап кылт этпей,
Атанын уулу эр чиркин
Ал сайганга былк этпей,
Аттан түшпөй калды эми.
Аттан түшпөй калганда
Алөөкөнүн Коңурбай
Көкжалдын уулу чунакты
Көрүнөө сынай калды эми.
«Баатыр да экен, шер да экен,
Ата, чунак кантейин!
Атасы Манас көкжалдан
Артылта туулган эр да экен!
Бедели мыкты чунакка,
Бет алып менде келеби,
Беттешип менде жеңеби!
Сайышса чаркы келеби,
Амал менен албаса
Салышып менде жеңеби?!
Телегейи тең экен,
Шай колдогон шер экен.
Атасы Манас көкжалдан
Серпими ашык эр экен!
Ак марал кууп, уй кылар,
Алышкан жанды буй кылар!
Көк марал кууп, уй кылар,
Көзөгөн жерди буй кылар!
Башкача бала кара көк,
Менде азарын салбаган.
Бул кызталак жетимден
Бет алган жоодон түк калбайт,
Антип турган себеби,
Айза белден бүктөлгөн,
Алөөкөнүн Коңурбай
Картайган жанга күч келген.
Бар кайратын жыйнаган,
Бастырып кайра сайганда
Жылас болгон сыр найза,
Быт-быт болуп кыйраган.
Алышса айза бүктөлгөн,
Омуртка сөөгүороюп,
Обу жок жанга күч келген.
Орою чочуп Коңурбай,
Опсуз коркуп алды эле.
Эр экен деп, баладан
Күрсүлдөгөн Коң төрөң
Бул куйгултук куу жандан
Күдөрүн үзүп турду эле.
Ээ, кысталак Семетей
Дегенине көнсөм бейм,
Атасы Манас айкөлдүн
Алса кунун берсем бейм!
Жамандашпай кайтсам бейм,
Жадаалын салды Коңурбай
Жаман шашып калды эми.
Эрендин кеби экиби,
Убадалуу эр Калча,
Сен сайгын деп төрөгө,
Кезетин берип салды эле.
Куйругу суюк, жалы аз,
Кутургурдун Кара аты
Кулан кууса куткарбас
Сайышкан жоого болгон маш.
Туранын түбү көпкөк таш.
Кырк күнчүлүк чөл болсо,
Кырк артык дүмөк бел болсо,
Кыйшаңдабай чыдаган,
Кырк күн тынбай жол жүрсө
Чымчып кайсап чөп жебей,

www.bizdin.kg



Чык этйп ууртап суу ичпей
Чыдап берчү мал эле,
Опол-Тоодой зор Кара ат,
Ойкоң-кайкаң бастырып,
Тартып оозун бурду эми,
Кезетин берип баатырга.
Эр Коңурбай чоң Калча,
Кезегин берип турду эми,
Этеги жайык көк күбө,
Ок өтпөгөн бек күбө
Какандын курчун алдырган,
Болот эгеп жиберип,
Ортосуна салдырган.
Айза менен муштаса,
Уютуп колду талдырган.
Сайышка кирсе айза өтпөй,
Атышка кирсе ок өтпөй,
Адамдын мээрин кандырган.
Токмок менен урдуруп,
Токсон мыкты балбанга
Арыбын артык кылдырып,
Коңурбайдын көк күбө,
Ок өтпөгөн бек күбө
Көөхардан топчу муштумдай,
Согушкан баатыр Калчанын
Көрсөң түрү момундай,
Кабагы бийик буткулдай,
Караган жанды жутКудай,
Өңү бышкан өпкөдөй,
Өңү суук эр Калча
Ай-ааламды буй кылган,
Атаңдын көрү, шер Калча.
Керүүгө курган там ошол,
Келберсиген эрениң
Кечилдин мыкты каны ошол!
Алгаранын оозун
Буруп берди Коңурбай
«Амалды артык салгын – деп,
А дүйнө кеткен Манастын
Өчүн менден алгын – деп,
Туруп берди Коңурбай.
Кабагын серпип кылт этпей,
Туруп берди балага
Кайраның Калча былк этпей,
Чочуп үркөм деген жок,
Эр экенин мындан бил
Өлүмдөн кайгы жеген жок.
Алгара тулпар оозун
Буруп берди Коңурбай
Көк аскар зоодой заңкайып,
Туруп берди Коңурбай
Адам ашпас арканын,
Белиндей экен Коңурбай
Ашуусу бийик муздактын,
Төрүндөй экен Коңурбай.
Белесте тоодой көрүнүп,
Берениң калча турду эле.
Деп ошондо Коңурбай
Кезетин берип турганда,
Аяш атаң Бөлөкбай
Арнап кылган сыр найза,
Сыр найза жайы ушундай,
Көөрүгүнө чыдабай,
Көп букачар союлган.
Көмүрүнө чыдабай,
Далай токой оюлган.
Кыйыгын таап машаган,
Кыйын уста Бөлөкбай
Дөөтү менен дос эле,
Кыюусун таап жасаган.
Учун болот кылдырган,
Урушкан жоого сундурган.
Узартып учун чыгарган,
Тийгенинин баарысы
Кабылдап кетип өлсүн – деп,
Адамдын жашы менен сугарткан.
Болоттугу билинген,
Болбогон уста жасаган.

www.bizdin.kg



Кыйкырып жоого сундуруп,
Муштаган жанды тындырып.
Кызыл болот кара курч,
Кыйын өткүр сыр найза
Коңурбайды бет алып,
Сыр найзаны көтөрүп
Сырттан туулган Семетей
Кыйкырып айза сунду эле.
Айта-буйта дегиче,
Арыштап Буурул жеткени.
Жеткен жерде Семетей,
Жоого камбыл эр неме.
Атасынан – бабасы
Канга тойбос шер неме.
Опол-Тоодой Коңурбай,
Оңурайган зор канды
«Этеги жайык көк күбө,
Көк күбөнүн бети,– деп,
Муштумдай болгон түйкөнүн,
Баякыраак чети,– деп.
Кабырганын кашы,– деп,
Как жүрөктүн башы,– деп,
Өлчөөнүн мыкты тушу,– деп,
Өлчү жериң ушу!» – деп,
Алөөкөнүн Калчасын,
Алып келип Семетей
Айза менен урду эле.
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткилең кыйын эр төрө
Жетип муштап өттү эле.
Таш муштаган немедей,
Айза белден бүктөлүп,
Алтымыш мүчө, сексен сөөк,
Артыкча жанга күч келип,
Коңурбай аман турганы,
Муштаганда сыр найза
Быт-быт болуп кыйрады.
Алөөкөнүн Коңурбай,
Адис болгон көйкашка.
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден арты кылтайып,
Эки өңүрү салактап,
Эсин жыйбай Коңурбай
Эки көзү алактап,
Айзанын уусу жоголуп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Бара түшүп оңолуп.
Алтындан бурган чоң тизгин
Айлантып колго алды эле,
Алтын таман үзөңгү
Кайран бутту малды эми.
Чукул турган кара тоо,
Мелмилдеген кара зоо.
Көктөн булут тутулуп,
Көкжал экен Коңурбай
Чыга калып кутулуп.
Качып берчү себеби,
Алдындагы Алгара
Басканына мал жетпейт,
Желгенине жел жетпейт.
Бу капырдын кара аты,
Капталында бар эле
Кара атынын канаты,
Ай-ааламды буй кылып,
Алөөкөнүн Коңурбай
Талкандай чалган адаты.
Булуттай учкан кара атка,
Төрт аяктуу мал жетпейт
Асмандагы канаттуу,
Мындан башка мал жетпейт.
Тозонун тоодой уратып,
Чоң кара ат менен чуратып,
Кайра жетсе жеди деп,
Шашып чыкты Коңурбай.
Алгара менен чуратып,
Качып чыкты Коңурбай.
Бугудай мойнун бурады,
Бул капырдын кара аты

www.bizdin.kg



Бута бою жар келсе,
Буйдалбастан чурады.
Жан куткарып алган соң,
Алөөкөнүн Коңурбай
Күн жайлабай турабы?
Эр Коңурбай баатырдын
Атагын көргөн чочуган,
Алда нече көп жылы
Ажыдаардан окуган.
Чын жадыкөр зыйкырчы,
Ыктуу Калча эмеспи,
Айла тапкыч абыдан
Мыкты Калча эмеспи.
Айырмачтам кайканда,
Алдында булак кара суу
Алгара оозун бурду эле,
Күн жайлоочу жай ташты
Булакка келип урду эле,
Алөөкөнүн эр Калча
Күндү жайлап турду эле.
Кырдан кызарып ташы зарыгып
Асмандан сурданып,
Коктудан туман табылып,
Тоо-тоонун башына
Карарып булут жабылып.
Асмандан булут дүркүрөп,
Касмандан Кара-Тоосунан
Бөлүнүп жамгыр күркүрөп.
Чөп силкинип шыбырлап,
Асмандан мөндүр шыбыргак.
Кудай бетин көргөзбө,
Караса көзгө илинбей,
Дүнүйөнүн бүт жүзү
Кайсы экени билинбей.
Коңурбай жайлап турганда,
Бул амалды кылганда,
Жайдын күн муздап кыш болуп,
Кийими жука немелер
Кыңкылдашып кыз болуп,
Бөксөдөн мөндүр жошулуп,
Кыян суунун баарысы
Туш-тушунан кошулуп.
Карагай, кайың, терек, тал,
Тамыры чыгып сороюп
Уйдай, төөдөй кара таш
Коктуга түшүп короюп.
Аңгектин баарын тыгындап,
Бүтүн жердин баарысын
Арык кылып жыгындап,
Аянып Калча калбады,
Алты күн тынбай жайлады.
Көктөн булут тутулуп,
Калкын көздөй Коңурбай
Өлгөндө минтип кутулуп.
Семетей күчөп сайганда
Жарабай калган Коңурбай,
Каралуу болгон доңуз ай.
Эпсиз күлүк Алгара
Туйлап кеткен кези экен,
Эки кара кабырга
Кыйрап кеткен кези экен.
Жаралуу болуп Коңурбай
Жарабаган доңуз ай
Коңурбайдан ал кетип,
Ө! – дегенде жөн эле
Өзөк-өзөк кан кетип.
Кытайды боктоп күйүнүп,
Кызталак жандан түңүлүп.
Калың колун шаштырып,
Алдындагы Алгара
Чунаңдата бастырып,
Колго кирди Коңурбай,
Каарланып бакырып.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн чакырып,
Ал калың кол ичинде
Акаяр менен Карагул
Жан бирге эки балбаны,

www.bizdin.kg



Керээзин айта салганы,
«Мен Коңурбай болгону,
Коңурбай атка конгону,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп.
Каканчы, Бээжин, кебимди ук!
Каарды жаман көргөнүм
Манастын уулу жетимден
Чала-була өлгөнүм
Айзасы тийип боорума,
Алсырап өлүп кетерде
Алгара калды сообума,
Семетей чиркин эр экен,
Телегейи тең экен,
Атасы Манас көкжалдан
Артылта тууган неме экен!
Кыяматтын кыстоосун
Көрүп кала жаздадым,
Кызыталак чунактан
Өлүп кала таштадым:
Жекеге чыгып кордукту,
Манастын уулу жетимден
Көрүп келдим зордукту!
Бул барышым бөөдө экен,
Атасы Манас көкжалдан
Алда канча өөдө экен».
Онтоосу күчөп Коңурбай,
Оңбос болду доңуз ай.
Акаяр менен Карагул –
Абыдан балбан мына бул.
Жыйылгандын ыктуусу,
Жөөкүлүк балбан мыктуусу.
Тыргооту тыйпыл чогулуп,
Манжуунун баары чуркурап,
Баатыр не иш болду? – деп.
Каарды катуу баштадык,
Калың элдин баарысы
Уу ичкендей токтолуп,
Кырылып кете таштады.
Оору болгон Калчага
Кээ бирөөсү бүгүлүп,
Кээ бирөөсү келин болуп жүгүнүп,
Кээ бирөөсү кетиптир,
Коңурбайдан түңүлүп.
Коңурбайга ылайык,
Алтын боолу чатыр бар.
Калың колдун ичинде
Өлгөн жанды тиргизип,
Өчкөн отту тамызчу,
Чоң дарыкер баатыр бар.
Дарыкери сандан көп,
Тамырчысы мындан көп.
Коңурбайдын жарасын,
Башына түшкөн балаасын
Дарыкер келип көрдү эле,
«Картайганда каркыбар
Тынып калган экен деп,
Ар жагынан беритен
Эки кара кабырга
Капшырылып айзага.
Сынып калган экен!» – деп,
Оюн-чындан кырк даңкер,
Катар коюп ойнотуп
Зоок кылып Калчага,
Кытайлардан бийлетип.
Аз болгондо Калчага,
Алтымыш көөкөр үйлөтүп.
Ал көөкөрдүн артынан,
Коңурбайдын дартынан.
Ал дарыкер кытайда,
Эбеп деген бир дары,
Себеп деген бир дары,
Кырма кызыл дары бар,
Кайнатма кара дары бар.
Ал кытайдын колунда,
Дарыгердин баары бар.
Эбеп-себеп дарыны
Эзип берип салды эле,

www.bizdin.kg



Кырма кызыл дарыны
Кырып берип калды эле.
Ачып көздү жумгуча,
Айта-буйта дегиче,
Алөөкөнүн Коңурбай
Ооруган жери басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Кысыр эмди миң сан тай
Санатпай алып сойдуруп,
Дүмпүлдөктү чалдырып,
Эр Калчанын өзүнө
Багылан козу, таттуу эт
Бор кайнатып салдырып.
Кабылан эле Коңурбай,
Кан кубаты толсун – деп,
Баштагыдай болсун – деп,
Алтымыш күн болгуча,
Кол токтолуп калды эле
Чалгынга чыкпай жалгыз жан,
Жол токтолуп калды эле.
Күн алтымыш күн болуп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Жана жини кармады,
Коңурбай тынып калбады.
Дөбөгө чыгып бакырып,
Кол-кошунун чакырып.
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Журтка салып аңгеме,
Турган экен Коңурбай,
Чылгый ичи өрт жанып,
Чыдай албай мына бу,
Каарлуу Калча бакырып,
Какан журтун чакырып,
Алган экен Коңурбай.
«Атаңдын көрү, каканчы,
Баары Бээжин, чогуу кел!
Кыжылдаган кытай журт,
Бу сөзүмө көнүңөр!
Манастын уулу чунактан
Айланайын калың журт,
Өчүмдү алып бериңер!
Кыргыз алса жылкымды,
Кырып кетсе журтумду,
Кантип тирүү каламын,
Бурут алса жылкымды
Бузуп кетсе журтумду,
Каарды катуу баштаса,
Калкымды кырып таштаса,
Кантип тирүү каламын!
Атасы душман бурутка
Алдырып кантип тартамын,
Алдырып келди дедиртип,
Каканга кантип кайтамын!
Чынмачындын канына
Чындап кетти бурут – деп
Не жообумду айтамын!
Баатыр эле Коңурбай,
Зордугу тоонун теңиндей.
Буруттан коркуп ал Калча
Бурулуп келди дедирбей,
Тирүү турбай өлөмүн,
Манастын уулу шер менен
Бир тиктешип көрөмүн!
Лаңтың коң-туң Бакбурчун
Ушагын билем бу журттун.
Жаңжал кылып бурутка
Барган экен дебейби,
Алдырып койду бурутка,
Карган экен дебейби!
Көксөө болуп көп кажып,
Калган экен дебейби!
Артык күлүк Алгара
Кантип оозун бурамын,
Каптаган кепти эми угуп,
Калың журттан кеп угуп,
Кантип чыдап турамын!
Манастын уулу Семетей
Төбөсүнөн басамын,

www.bizdin.kg



Төрт жыл тынбай урушуп,
Төрт тулүгүн чачамын!
Жылас калган буруттун
Жылкысын кайра тиемин,
Адам угуп, көз көргүз,
Жерге чейин сүрөмүн!
Кызыталак буруттун
Бурут деген журуттун,
Жаккан отун өчүрүп,
Жан-жабылта көчүрүп,
Кайраттуусун керемин,
Кайраты жок жаманын
Кулданып айдап келемин!
Кагыш кылып көрөмүн,
Казынасын чогултуп,
Камчыга ченеп бөлөмүн!
Кайратың жетик ыктууң бар,
Кең көкүрөк мыктууң бар!
Кармаш кылып канкорго,
Кызыталак анткорго
Кыйкырып айза сунамын,
Кызык кылып талкалап,
Кызырдуу журтун кырамын!
Атаңдын көрү, кытай журт,
Айтканым ушул, тилимди ал,
Бул ардыкты билип ал!
Бээжинди кантип көрөйүн?
Картайып келген чагымда
Кызыталак бурутка
Кармашып жатып өлөйүн!
Баатыр элем, зор да элем
Бул Бээжинге туулган
Каргылуу кара тоо элем.
Кадууга салган там элем,
Бул Бээжинди кайтарып,
Чоңдугум тоочо бар элем!
Улукта элем, шер да элем
Бул Бээжинге калганда
Урушкан жеке мен элем!
Доол келсе жел тийбес,
Булуң токой, чер элем.
Кармашка моюн бербеген,
Кагышып душман жеңбеген,
Кан Коңурбай мен элем!
Көп жылкымды алдырып,
Көп колду кырып салдырып,
Кантип Бээжин көрөйүн,
Мындан көрө мен Калча
Кызыталак бурутка
Тынбай алты ай урушуп,
Кармаш кылып көрөйүн!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Кайра тартып канжаны,
Кан иччүүдөй сумсайып,
Каарланып токтобой,
Каньети бузулду
Азапка түшкөн кырк кан эл,
Кан колуна тутулду.
Каарланган капырдан,
Кан Коңурбай баатырдан
Кайсы жан качып кутулду.
Кытайлардан кээ бирөө
Кейип-кепчип кыңкылдап,
Кеп айта албай былкылдап,
Калың кол турду таң калып.
Коңурбайдын буйругун,
Болуп турган шумдугун,
Журтка салган кордугун,
Колду айдаган зордугун,
Кээси кейип, кээси ыйлап,
«Өз билгенин бул Калча
Кылып салар бекен, – деп,
Өткөрө колдун баарысын
Айдап жүрүп кембайлап,
Кырып салар бекен, – деп,
Кан буйругу келген соң,
Ким эки дейт, иш кыйын,
Бул өңдөнгөн чараны.

www.bizdin.kg



Адам, бурут менен кагышып,
Көрбөй өлөр бекенбиз,
Катын менен баланы.
Бурут деген эл эле,
Мурдатан кытай калың журт
Уруша жүргөн неме эле.
Кандай заман, кандай күн,
Болор экен кандай түн!»
Деп, өшөнтүп, кытай журт,
Кээ бирөөсү жүгүнүп,
Эр Коңурбай алдына,
Таажым кылып турду эле.
Кээ бир журту кеп айтып,
Атам карган деп айтып.
Кээ бир жаны кеп айтып,
Өзүм жалгыз деп айтып.
Кээ бирөөсү кеп айтып,
Энем карган деп айтат.
Журт чуркурап турду эле,
Коңурбайдын Акаяр
Доолбасты урду эле.
Доолбас үнү зыркырап,
Алым начар деп айтып,
Калың колдон кээ бирөө
Ара кылып турду чуркурап.
Мына ошондо Коңурбай,
Баштагыдан бешбетер
Булукту мыкты баштады,
Муну укканда калың кол
Чогуу эсинен жаңылып,
Кырылып кете таштады.
Атырайды дүпүлдөп,
Каарына жан турбай,
Алөөкөнүн Коңурбай
Кайрат кылды күпүлдөп.
«Кармашарым бурутка
Кан төкпөй карап турбаймын,
Бурут деген журутка.
Кайраты артык шериң бар,
Кайра тартпай согуштан
Тирүү жүрбөй өлчүң бар.
Айбаның калып ыктууң бар,
Аябаган мыктың бар!
Кармашарым көп кыргыз,
Жоолаганым Семетей,
Чоң душманым Күлчоро,
Басташканым Бакай кан,
Салмактуу жоом Сарыкан,
Салышар эрим Жамгырчы!
Саат баскан калың кол,
Ала болуп кеп айтпай
Азыр сөзүң тыйып бер.
Өлөбүз Калча кан үчүн
Деп, өшөнтүп, калың журт,
Өлөр антың кылып бер!
Коңурбай колу мынча деп,
Кашатка жайнай конуп бер
Калжырабай кытай журт,
Мага караан болуп бер!
Атаңдын көрү, жаман журт,
Ушу кебиң ким уксун,
Капкараңгы түн уксун!
Кашаттап аккан суу уксун
Мындан бөлөк ким уксун!
Алышарым Семетей,
Камап түшкөн Таласты.
Таш коргонун талкалап,
Элин чабам Манастын.
Атаңдын көрү, жаман журт,
Атым жалгыз дебегин.
Атым жалгыз дегендин,
Атын союп жеп айдайм.
Өзүм жалгыз дегендин
Өзүн союп жеп айдайм!
Энем карган дегендин
Элин салам талоого,
Атам карган дегенди,
Азыр салам балаага!

www.bizdin.kg



Каарым келди калбаймын,
Калтырбай бириң айдаймын.
Бирөөндү койбой айдаймын!
Жана кайыр бергениң,
Жазайыл тартып өлгөнүң.
Таштабай айдап бириңди,
Көп экен дебейм миңиңди!
Капта десе каптабай,
Ала болгон экенсиң.
Айлыңды самап жаман журт,
Бала болгон экенсиң!»
Колдон чыгып бөлүндү,
Муну айтып Коңурбай,
Каарланып, кан ичер
Карасаң түрү көрүндү.
Манжууларын бакырып,
Эзкара менен Акаяр,
Карагул баштап чакырып.
Мына ошондо Коңурбай,
«Урушарым көп бурут,
Буйругумду билгин, – деп,
Кол аттанып жүргүн, – деп.
Эрениңден калба, – деп,
Эселек каран болууга
Сен Карагул, айда!» – деп.
Каарлуу Калча турганда,
Катуу шумдук кылганда,
Балбандардын баарысы
Кыргын тийген немедей,
Добулбас бекем кагылып,
Калмакта бар Тагылык,
Кайнап атка минди эле,
Түмөндөп колу чамынып.
Сандатып бөлүп кол айдап
Колдун баарын мол айдап,
Кокус качып кетет – деп,
Бириндетпей чогуу айдап.
Көргөндөр барбы мындай түш,
Кылымда барбы ушул иш!
Жээк тартып кылкылдап,
Жер айланды былкылдап.
Такалуудан тай калбай,
Такыр кытай аттанды.
Чегирткедей быжылдап,
Кайнап кетип баратат,
Арткы жагын Карагул
Айдап кетип баратат.
Аскери артык түмөн кол,
Жайнап кетип баратыр.
Ар бүлүгү Калчанын
Озуп кетип баратыр.
Бир бөлүгүн Акаяр,
Тозуп кетип баратыр.
Колу колго урунуп,
Кордук салчу түмөн кол
Койбоочудай жыйылып.
Жер тумандап, кир болуп,
Жетик түмөн калың кол
Жер жүзү менен бир болуп.
Манжуу колу бир зубун*,
Ал бөлүнүп алыптыр.
Манжуусунан Эзкара,
Башчы болуп калыптыр.
Калмак колу бир зубун,
Бул бөлүнүп алыптыр,
Калмактарга Тагылык
Башчы болуп алыптыр.
Солоон деген бир урук,
Бул бөлүнүп алыптыр,
Солоондордон Шыйкычу
Башчы болуп алыптыр.
Шибе журту бөлүнүп,
Бу бөлүнүп алыптыр,
Шибелерге Акаяр
Башчы болуп калыптыр.
Тырууугот эли чу коюп,
Ал бөлүнүп алыптыр
Тырууготко Карагул,

www.bizdin.kg



Башчы болуп калыптыр.
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып.
Кытайлардан Оронгу,
Кызыл жагал Бороончу,
Каткалаңдын Сайкалы,
Кажылдаган карандын
Кайсы бирин айталы.
Балбандардан баары улук,
Бурутту басып алам деп,
Үйүң күйгөн көп кытай
Каптаган экен жабылып.
Кечил журту бир бөлөк,
Кечилдерден Коңурбай
Керүүгө салган там ошол,
Бүткүл кытай кырк канга
Улук болгон ал ошол.
Ааламга жеткен атагы,
Дүнүйөгө белгилүү
Коңурбайдын чатагы.
Ааламдын каны Коң төрө,
Алыш кылбай жатабы?
Желектүү айза желпилдеп,
Жез найза үнү зыркырап,
Барабан үнү баркырап,
Комокойлуу айзалар
Кол-колунда жаркырап.
Дүркүрөп эл көрүнүп,
Жоболоңдуу бачагар
Жоо кайда деп бөлүнүп,
Жетик мыбак Бакбурчун
Жеп ийчүдөй көрүнүп.
Улуңту-Кеңту, Дыңшанын,
Улугу болгон мынчалык.
Каардуу Калча канаты,
Кармашканды момундай
Канын төкмөй адаты.
Кудай бетин каргөзбө,
Кытайдын эли көп экен,
Суур көрсө сууруп жеп,
Кашкулакты кармап жеп.
Кулан көрсө кууп жеп,
Доңуз көрсө тозуп жеп.
Каптап кытай жол тартып,
Күнү-түнү мол тартып.
Жер үстүнө кол жайнап,
Батпай каптап келатат.
Эки жерге бир күнү,
Жатпай каптап келатат.
Кум-Кыянын жээк жол
Кайнап чыгып келатат,
Курт экени билинбей,
Жайнап чыгып келатат.
Эрендери көп колун
Эркине койбой, ошондо
Айдап чыгып келатат.
Таш-Кашаттын белинде,
Көбү чыгып келатат
Санатын алган адам жок,
Айдай сары талаада
Теңи чыгып келатат.
Чамаа качып, кол каптап,
Аз гана эмес мол каптап.
Жылкы тийип, кун кууган
Семетейдин кызыгы,
Бээжин колун айдаган,
Коңурбайдын бузугу.
Алышка келген атагы,
Адам мындай кылабы
Коңурбайдын чатагы,
Бет алышып согушпай,
Коңурбай минтип жатабы.
Жаңжалды Калча баштады,
Жабылып каптап калганда,
Айдап келген түмөн кол
Азыр мейли өлдүк – деп,
Жандан кечип таштады.
Артык экен Коңурбай,

www.bizdin.kg



Керней-сурнай тарттырып,
Керикке жүгүн арттырып.
Качырдан ылоо байлатып,
Миң кишиге бир канды
Башчы кылып айдатып.
Кайраты артык шер экен,
Өзүң көргөн эр Калча
Өрттөнгүрдүн бири экен.
Өз эркинче калың кол,
Болуп чыгып келатат
Дүнүйө жүзү көгөрүп,
Коңурбайдын колуна
Толуп чыгып келатат.
Каптап келген калың кол,
Муну мындай таштайлы,
Акылман Бакай, Семетей,
Ошондон кабар баштайлы.
Ошол кезде кыргызда
Билгич Бакай эри бар,
Өзүң көргөн Таласта
Семетейдин кеби бар.
Аргын, кыргыз ой тартып,
Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Конуп жаткан кези экен,
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп жаткан жери экен.
Коштоп кийип суусар бөрк,
Ыргап турган кези экен,
Коштоп кийип торко тон,
Жыргап турган кези экен.
Кермелерин кең тартып,
Экиден күлүк байлатып,
Багылан козу, ширин баш
Боркурата кайнатып.
Майлуу эттен кесип толтуруп,
Сары майдан опуруп,
Сейилдикке түшүшүп,
Капталдагы кара арак,
Көөкөр менен бир арак
Куюп-куюп ичишип,
Таң-тамаша күлкүгө
Талыкпай ойноп батышып,
Кырк таман чийип ордону,
Кызык кылып атышып,
Эрки менен болушуп,
Мөрөйгө тигип, кырк байтал
Кайыпка аны союшуп.
Эркин өсүп кайран журт,
Эрки менен болушуп,
Эриксе элик атышып,
Эркин ойноп жатышып.
Кунан минип, куш салып,
Чатыраш ойноп, даң салып.
Кымыз ичип, кыз ойноп,
Кызып жаткан кези экен,
Маңдайынан сөөк тер
Сызып жаткан кези экен.
Семетей тийген жылкыны
Катарлашып көрүшүп,
Ырас мындай олжо деп,–
Камчыга ченеп бөлүшүп.
Бүтүн кундуз терисин
Жарты тилип алышып,
Багалекке салышып.
Мына ошондо кыргыздын
Жыргалы мындай күн болуп,
Шибер чыга жайлашып,
Ар бириси эшикке
Миңден кысыр байлашып.
Ошол күндө кыргызда
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп,
Боз коендон тулку көп,
Босого жыйган мүлкү көп.
Келеңкер чачпак, кең соору,
Келини сулуу кыргыздын
Кызыл кэйнөк, айча бел,

www.bizdin.kg



Кыздары сонун кыргыздын.
Оймолуу жагдан муштумдай,
Ошол журт жайы ушундай,
Кыймалуу жагдан муштумдай,
Кыргыздын жайы ушундай.
Калың журт тегиз ой тартып,
Конуп жаткан кези экен
Эркин жайлап, ээн өсүп,
Оңуп жаткан кези экен.
Кара-Буура, Чаткалда,
Кайкалап кыргыз жатканда,
Каканчылуу Бээжиндин
Жылкысын тийип келгенде,
Кыргыздын жолун ачканда,
Кытайдын малын чачканда,
Чапчышканы Коңурбай,
Чабышып кыргын салыптыр,
Таласта аргын, кыргызга
Семетей олжо кылып алыптыр
Жалгыз тай албай эр чиркин
Аргын менен кыргызга
Олжо кылып бериптир,
Кубанчылуу Манастын
Уулу экенин көрдүңбү,
Кырк уруу кытай душмандын
Уусу экенин билдиңби!
Аргын менен кыргыздын,
Атанын уулу куу жолтой
Туусу экенин көрдүңбү!
Картайган Бакай абасы
Барганы сегиз күн болгон,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Абасы Бакай карыя
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Туруп амаз окунуп,
Көк чологун токунуп,
Семетейден чочунуп.
Ок өтпөгөн бадана,
Кадимки тонду кийди эми.
Ашып-шашып ал Бакай,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан ойногон.
Башын карап олтурсаң,
Баргектүү талга бөлөгөн,
Аягын атаң эр Бакай
Карк алтынга жөлөгөн.
Абасы Бакай эр чиркин,
Ааламды билген шер чиркин.
Эштектердин Жамгырчы,
Эбегейсиз эренге
Салып барды эр Бакай,
Жамгырчы өңдүү беренге.
Таң кашкайып сүрөрдө,
Жерге жарык тийерде,
Желиккен Бакай барды эле,
Эштектердин Жамгырчы –
Жамгырчыны бакырып,
Жан биргелеп чакырып.
«Жылкы күлүк субай баш,
Ой, Жамгырчы курбалдаш.
Мал айдасак жыйгандаш,
Өлүп калсак ыймандаш,
Чалгынды бирге чалыштык,
Чампандан жылкы алыштык,
Кай жерден көөн калыштык!
Бай Жамгырчым, угуп тур,
Баатыр Манас барында
Коюбуз болду короолош,
Жолубуз болду жороолош.
Берен Манас барында
Барып алдык Ооганды,
Экөөбүз бирге барганда,
Маргалаң кайдан соо калды?
Жетип чаптык Жет-Кайтты,
Жетип кармап Бээжинди
Кандуу Бээжин калың шаар,

www.bizdin.kg



Какандын журтун камадык,
Кадырман Манас барында,
Күрмө кийген какандын
Күчтүүлөрүн сабадык!
Көк болоттон сыр найза,
Боолоп турдук бир кезек.
Көз жеткендин баарысын
Жоолоп турдук бир кезек,
Кудай салган жазаны,
Көрүп албай не болдук,
Курбалдаш Манас барында
Өлүп албай не болдук!
Атаңдын көрү, Жамгырчы,
Көпту көргөн кары элең,
Көп жашаган жан элең!
Мен билгенди билдиңби?
Мен көргөндү көрдүңбү?!
Манастын уулу эр Семең,
Атасы Манас айкөлдөн
Артык тууган эр неме,
Белди бекем бууйм – деп,
Бээжиндеги Калчадан
Манастын кунун кууйм – деп.
Белгилүү Бээжин улуу шаар
Беренине катылдык,
Бейпайга минтип чатылдык!
Таш сайынган кандардын
Тазасына катылдык,
Балаага минтип чатылдык!
Какандын журту козголуп,
Кайнатылуу шор болуп.
Айланайын Жамгырчы,
Сакалың куудай агында,
Сапарың жакын барында,
Ажал жетсек өлөлүк,
Манастын уулу жетимге
Караан болуп берелик!
Тулпардан калган туякка,
Манастан калган чунакка,
Айзага таккан желекке,
Манастан калган белекке,
Дегенине көнөлүк,
Атадан жалгыз жетимге
Караан болуп берелик!
Атаңдын көрү, Жамгырчы,
Элиң эштек эр эле
Кырк уруу кыргыз кайран журт,
Бирөөнүн уулу дээр эле!
Айзага даңгыл ыктуу элең,
Айлың менен Жамгырчы,
Айза баатыр мыктуу элең!
Отко салган чеңгелдей,
Дүркүрөгөн эл элең.
Жоо дегенде чамынып,
Күркүрөгөн эр элең!
Эштектен жыйып кол жыйна,
Кол жыйнасаң мол жыйна!
Иткелдүү сорпо, майлуу эт,
Айланайын Жамгырчы,
Азыгыңды мол жыйна!
Көгала болот, сыр найза,
Көрүнөө жоого тийүүчү
Эрениңди бек жыйна!
Манастын уулу жетимге,
Караан болом деп жыйна!
Жамгырчы, тирүү жүргөндө
Не муразга жетели,
Манастын уулу беренге
Курман болуп кетели!
Мен билгенди билдиңби?
Мен туйганды туйдуңбу?
Мен туйганды туйбасаң,
Асмандан булут сөгүлдү,
Көктөн жамгыр төгүлдү!
Жер жүзүнүн үстүнө
Жети улуу шамал көрүндү.
Кыйын ызгаар, жаман суук
Кылым журтка чыр салган

www.bizdin.kg



Коңурбай иттин жайы экен,
Каптап кирип кыргызды
Ал чочконун тим эле,
Катуу заары бар экен.
Калың кытай, кап манжуу
Кордукту кыргыз көрчү эле,
Кордук кылып кытай журт,
Эркин жатып алганда
Камчыга ченеп бөлчү эле.
Кытай бөлүп алганда,
Кыстоону кымбат салганда,
Бирөөбүз кеттик Алтайга,
Бирөө калды Каңгайда.
Бул кытайдын заарыңан,
Бизге салган каарынан,
Бирөөбүз кеттик Эренге,
Бирөөбүз кеттик, Жамгырчы,
Түшсө чыккыз тереңге.
Бирөөбүз кеттик казатка,
Кармалып кеттик кайран журт
Кайра чыккыс азапка.
Тополоңун тоз кылып,
Токтотпой айдап кетти эле.
Ырысыңа курган журт,
Кабылан Манас туулган.
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, олжо алып,
Кытайга салды чуулган,
Ажыратты башыңды.
Манастан калды Семетей,
Караан кылып турабыз!
Каканчыдан Коңурбай
Жер бөлүнүп жайнаптыр,
Кылымды билген доңуздун
Эски жини кармаптыр!
Кытайдан жыйнап кол алып,
Бүлдүрүп мүшкүл салбасын.
Жамгырчы, Бакай экен – деп,
Экөөбүздү сүйрөтүп,
Кылычтап башты албасын!
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарбасын!
Мурунтан кектүү Коңурбай,
Булкушпай койчу жоо эмес,
Каары күчтүү Коңурбай,
Быйылкы иши соо эмес!
Кароолчу бар, сакчы бар,
Караанын көрсө көп колдун
Бизге кабар айтчу бар.
Жамгырчы сага сүйлөөргө,
Түрдүү айткан сөзү бар.
Түгөнүшпөй калчу эмес,
Түгөнгөн Калча көзү бар.
Айтканым ушул билип ал,
Ай, Жамгырчы, тилимди ал!»
Бу кабарды укканда,
Эштектерден Жамгырчы
Каар салды бакырып,
Ээликкен Эштек эл-журтун
«Камдангын!» деп чакырып.
Жамгырчыдан Шайымбет
Жаадай күрөң ат минип,
Жалаң кылыч байланып,
Жалаң темир курчанып.
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Кыздуу үйдө кыякчы,
Кымыздуу үйдө аякчы.
Катын жандуу, эркек иш
Шайымбетин чакырып.
Жамгырчынын алдына
Шайымбет келип турду эле,
Бапылдатып добулбас,
Жоо белгисин урду эле.
Жоо кайда деп эштектер
Бозала желек туу тартып,
Жамгырчылап чуу тартып,
Каарланып бакырып,

www.bizdin.kg



Жамгырчылап чакырып.
Эл жыйылып, кол толуп,
Албан түрдүү жан болуп.
Балтачаны балбаны,
Улукманы, карысы
Жоо кайдалап токтобой,
Келип турду ал жерге
Улуу-кичүү баарысы.
Айзага ыктуу даңгылы,
Урушка мыктуу камбылы,
Кол жыйылып, эл толуп,
Келгени мынча жан болуп.
Жазбай аткан мергени,
Жаңылбай сойчу эрени,
Баары келип турду эле,
Мына ошондо Жамгырчы
Караан кылган көкжалы
Семетейден чочунуп,
Актелки атын токунуп,
Калың элге кабарды
Кан Жамгырчы айтты эми:
«Каскалуу журтум кебимди ук,
Ай караңгы түн келди.
Дагдырга жоктур даба – деп,
Уюктуу журт, кебимди ук!
Кеп баштайын сага!» – деп.
Эр Жамгырчы агаңыз
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
«Капа болбой кебимди ук,
Калың журт, азыр сага, – деп.
Манастын уулу Семетей
Өзөндөн аккан булакка,
Арка кылып биздин эл,
Алдейлеп турган чунакка.
Астыга жүрсө ак жолго,
Айдап жүрсө сан колго
Эр Коңурбай жоо чыгып,
Келет экен деп уктум.
Кызыл кыргын, чоң дүмөк
Болот экен деп уктум.
Чама келбей баратса,
Кан Коңурбай калчалар
Калың журттун баарысын
Сорот экен деп уктум!
Мурунтан болгон көргөн түш,
Бузулат экен биздин иш!
Чоң Коңурбай эр келсе,
Каптап кетчү сел келсе,
Каза жетсе өлөлүк,
Канкордун уулу чунакка
Караан болуп берелик!
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Кемегедей бир жерди
Кесе чаап оелу,
Кытайдан упат болду деп,
Өлгөн жанды тирүүбүз
Кийими менен коелу!
Кайнап толуп Таласка,
Караан болуп берели!
Манастан жалгыз Семетей,
Бул өңдөнгөн балага
Калың журтум, шайла, – деп,
Жоо-жарагың байла, – деп.
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Түз болгон журт камдан, – деп.
Эрлер менен эр өсүп,
Айбалта чаап, балта уруп,
Ыктууларың дагы бар,
Түндө эшикке чыкпаган
Коркокторуң үйдө кал!
Болбой ичкен бозону,
Боздотуп урган кожону,

www.bizdin.kg



Эрениң бар, ыктууң бар,
Эзелде жоодон коркпогон
Кенен кайрат мыктың бар!
Миңиң коюп, бириң бар,
Бириң миң кол алчууң бар,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга.
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган.
Очогор оңдоп октогон,
Катылган жоосу токтогон,
Беттешериң Коңурбай,
Эрен Эштек дедиртип,
Согуш кылгын бир далай!
Кармашарың каканчын,
Кыргызды чаап алууга,
Кылча көрбөй бул элди
Кыргын кылып салууга,
Кытайлардан Коңурбай
Кылымга сыйбай кол алып,
Каптап келет деп уктум,
Кармашканды бул жерге
Таптап келет деп уктум.
Каза жетип, күн бүтсө,
Калбай чогуу өлөлү.
Кайран баш тирүү барында,
Өнөктү кантип берели!
Алмамбет уулу Күлчоро,
Таластагы үч эрен
Карганда Бакай билгичке,
Караан болуп берели!»
Деп, өшөнтүп, Жамгырчы.
Колго айгай салды эле,
Эр Жамгырчы карысы,
Кыргын тийген немедей,
Кыйын чуулап калды эле?
Эштектердин баарысы.
Өзөндүн чаңы буркурап,
Өзүң көргөн Жамгырчы
Эштектен он миң кол алып,
Келип түштү чуркурап.
Кол жыйылып, эл толуп,
Козголоң салар күн болуп.
Тегеректеп ордону,
Калың кол келип жатты эле.
Семетейдин үстүнө
Караандуу жерден кол келди,
Аз гана эмес мол келди.
Текечи кан, Шыгай кан,
Алкымдагы Жамгырчы,
Үч кан эли бул келди.
Үч кан эли былкылдап,
Колу келип калган соң
Кан кезинде Манастын,
Казыналык ак сарай
Каныкейдин чоң ордо,
Катын да болсо бейбактын
Сөлөкөтү бир далай
Эшигинде сакчысы,
Бек бекиткен капкачы,
Капканы тозгон бакмачы.
Жоо көрүнсө камынган,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган.
Желдеттерден жетимиш,
Аскери алты сан болгон.
Энекеси Каныкей,
Эзелден бери бейбактын
Бул дөөлөтү бар болгон.
Дүңгүрөп түшүп үч кан эл,
Түгөл конок болду эле.
Кысырдан тандап, жал коюп,
Дүнүйөнү жайнатып,
Сүт бото тайлак, ширин эт,
Ошонун этин кайнатып.
Жомогу жанды жобунтуп,
Жосуну жанды кубантып.
«Балама караан болор, – деп,

www.bizdin.kg



Басташкан жоосун соер!» деп.
Байкуш кемпир Каныкей
Башкача конок кылды эле.
Эрендигин билгизип,
Албан түрдүү алтын тон
Эр баш сайын кийгизип.
Дүнүйөнү шайлатып,
Адырда жылкы алты сан
Аргымак, буудан аралаш.
Ат күлүгү Таласта,
Эр башына алтыдан
Кагыш атын камдатып.
Добулбасты жайнатып,
Эр башына бир саадак
Жалаң кылыч байлатып.
Эсепсиз конок кылды эле,
Жатып калган бул жерге
Кол жыйылып, эл толуп,
Бүгүн жаткан коногун
Эми баштап көрөлү,
Коңурбай кулдун жомогун.
Айгайы кулак тундуруп,
Түгөнгөн колдун баарысын
Тутанып өлгөн Коңурбай,
Айдаган экен жылдырып.
Томуктай жерде тоо жок,
Токумдай жерде коо жок.
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Аргынга мыктуу кан эле.
Ары керик, ары шер,
Касиеттүү жан эле.
Туучунак деп аты бар,
Туулган эрен каркыбар.
Аз болгондо Сары кан,
Алты сан колдук баркы бар.
Ободон жылдыз болжошу,
Оболдон бери Сары кан
Семетейдин жолдошу.
Семетей Букарда жүргөндө,
Көмүр өчүрүп, көө болчу
Көп токойго ээ болчу,
Улугуң мындай дөө болчу.
Билбегенди билгизген,
Билимдүү мындай таз эле.
Көмүр өчүрүп, көө болуп,
Букардын каны Кара кан
Муну менен кас эле,
Отунчудан кеп угуп,
Ороюң кыргыз деп угуп.
Атагың артык кашка деп,
Атаң Манас башка деп.
Таласта кыргыз айлың деп,
Бөлөк болот дайның деп.
Акун кан сенин кайның деп,
Айчүрөк сенин зайбың деп.
Салмактап айткан бир сөздү,
Чөйчөктөй көздүү Сары таз
Санаага салган бир сөздү.
Муну менен Сары кан
Ээн токойдо кезигип,
Бата болгон эмеспи,
Манастын уулу чунакка
Баары сөздү билгизип,
Чөйчөктөй көздүү Сары таз
Ата болгон эмеспи.
Алып келип Таласка,
Ар кылыгын жай кылган,
Таласка курган там кылган,
Аргынга келип кан кылган,
Таз деген аты жоголгон,
Сары делип оңолгон.
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизген,
Аргын журттун баарысын
Сары канга билгизген.
Он эки бирге кол жайып,
Бата берген эмеспи.
Ойлосоңуз Сары кан,

www.bizdin.kg



Өзүң көргөн балага
Ата болгон эмеспи.
Букарга бүлүк калайман,
Сала берген эмеспи.
Баана кылып жүрөм деп,
Өзүң көргөн Сары кан
Абасын ала келген эмеспи.
Чоң Таластын керүүгө
Там көтөргөн эмеспи,
Сары кан деп ат коюп,
Көргөн-билген көп журтка
Кан көтөргөн эмеспи.
Ал Сары кан абасы
Түн ичинде тынч албайт,
Жаадай учат Туучунак.
Туучунак тулпар минчү эле,
Күндөп-түндөп кароолдо
Сары кан абаң жүрчү эле.
Семетей Талас келгенде,
Бакайды көзү көргөндө.
Жеке жортор чоң балбан,
Бу Сары кан байкушта
Кайда жүрөт бир арман.
Атбороюн сыдырып,
Ай-ааламды кыдырып.
Ит агытып, куш салып,
Ат арытып, жер чалып.
Келгендерден кеп угуп,
Жылкы тийип Бээжинден
Семетей келди деп угуп,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аянбай мол жүрүп.
Сары-Өзөн бойлоп ой тартып,
Салган экен Сары кан
Асы, чабдар белине,
Барган экен Сары кан.
Такыядай белеске,
Тартып туруп караса
Калк аманын каалаcа.
Күндүз эмес, түн болуп,
Караса мүшкүл күн болуп,
Туучунак оозун буруптур,
Ээликпестен желикпей,
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Кароол карап туруптур.
Асмандан жылдыз суюлуп,
Кыбыла көздөп куюлуп.
Төбөдөн жылдыз зирилдеп,
Кыбыла көздөп бириндеп.
Жетиген үркөр чачылып,
Таң агарып ачылып.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Өзөн ылдый дуулдап,
Таң атардын салкыны
Муздак желдер урганда.
Камыштын башы дыркырап,
Балапан торгой чуркурап.
Топудай болуп аркайып,
Тоо-тоонун башы билинип.
Түздөгү карсак, түлкүлөр
Жатагын көздөй жымылып.
Өр таянып жүгүрүп,
Доолдоп кокту көрүнүп,
Миң бетеге, сексен чөп
Шамал жакка төгүлүп.
Каптал жагын караса,
Карагай, таштын баарысы
Кадимкидей дапдаана,
Бөлөк-бөлөк бөлүнүп,
Жер сүрөтү миң уруу,
Момунтип көзгө көрүнүп.
Өндүрдүн баары балкайып,
Өзөндүн баары чалкайып.
Түнөргөн жерлер бөлүнүп,
Түз талаа шумдук көрүнүп.
Кооптуу баатыр Сары кан
Туучунак оозун бурду эле,

www.bizdin.kg



Көз жетпеген Сары-Өзөн
Сары-Өзөн байкап турду эле.
Кудай бетин көргөзбө,
Эки жагын караса,
Эл аманын санаса,
Каптал жагын караса,
Калк аманын санаса,
Көмкөрүлгөн тумшуктан,
Көз кайкыган урчуктан
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды көргөндө
Сары кандан жан чыгат.
Оргуган чаңды караса,
Коңурбайдын чаңы экен.
Казылган экен калың жол,
Кайнаган экен биздин шор!
Арт жагынан кылкылдап,
Каптаган экен калың кол.
Жер айрылып тоз болгон,
Жетимиш Бээжин козголгон.
Түгөнгөн Калча карысы
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Каптаган экен карасаң,
Түгөнгөн кытай баарысы.
Мына ошондо Сары кан
Капа болуп күйүндү,
Кайран жандан түңүлдү.
Тууучунак оозун бурду эле,
Тууралап карап турду эле.
Камышты көр, селди көр,
Каптап чыккан элди көр!
Мунарыкты көр, чокту көр,
Бул капырай кытайдан
Бузулбай тийген окту көр!
Адырды көр, тоону көр,
Толкуган кытай элди көр!
Токтотпой каптап кетүүчү,
Бет алса түпкө жетүүчү,
Мендеден бөлөк селди көр!
Жер жарылтып, көк бузуп,
Чуулап калган кези экен,
Калайман салып калың кол,
Чубап калган кези экен.
Өлчөп көрсө Сары кан,
«Өөдөкү керүү бас экен.
Кызыталак кантейин,
Кыргыздын колу аз экен!
Эңкейиште чөп экен,
Какандын калкы көп экен!
Каарланып Коңурбай,
Каптап кетер кези экен!
Жер алдына майдалап,
Жер алдына каптаса
Желиккен бойдон Коңурбай,
Таптап кетер кези экен!
Бөлүнүп санга болжолу,
Бөлөк окшойт болжолу.
Кызыл-тазыл кырмызы
Кыргагын тартса бөлүнбөйт,
Кыргыздан тийсе колуна
Кылчайчу түрү көрүнбөйт.
Сырты болот бадана
Сыртынан сайса бөлүнбөйт,
Кыргыздан тийсе колуна
Алөөкөнүн Коңурбай
Кылчаяр түрү көрүнбөйт.
Колу өзөндүн буткулдай,
Кызыталак Коңурбай
Койгулашса адамды,
Койбой такыр жуткудай.
Капташы тоонун сеңирдей,
Катылганды бул Калча
Кармаса туура жегидей,
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Таласка каптап жетеби
Таласта аргын, кыргызды
Такыр кырып өтөбү?
Башчыбыз эле Семетей,

www.bizdin.kg



Баатырга балаа салабы,
Таласка жыйган сан дүйнө
Таптакыр чаап алабы!
Буланы булап алат ко,
Бул түрү менен Коңурбай
Бузукту жаман салат ко!
Айылды басса кырат ко,
Ачууланган эр экен
Аяшты олжо кылат ко!
Кызыталак бул кытай
Кыйынга кыстоо салат ко,
Кыз, катынды кыңшытып
Олжого айдап алат ко!»
Деп, өшөнтүп, Сары кан,
Жел тийгизбей кайран бел
Жетиктире курчанып,
Желиккен күлүк Туучунак
Туучунакты бир салып,
Шашкан бойдон Сары кан,
Астындагы Туучунак
Олбоп-солбоп камчы уруп,
Оң-тетири теминди.
Астындагы Туучунак
Койдой эти бөлүнүп,
Коендой жону түзөлдү,
Араандай оозу ачылды,
Кан аралаш ак көбүк
Каран калган жыластан
Омуроого чачылды.
Бүрүшүп калган туягы
Чоң чарадай ачылды.
Муундуу чөптүн үстүнөн,
Булуттуу көктүн астынан
Аркырап алып учту эле,
Мына ошондо Сары кан
Жан ашпаган бел менен,
Жан жүрбөгөн чер менен
Артык шашып желигип,
Ашып-шашып жол басып,
Күндөп-түндөп жол басып,
Күңгүрөнгөн Калчанын
Күйүтүнөн бек шашып,
Таласка аман келүүгө,
Семетей менен Бакайга
Жетип кабар берүүгө.
Аты күлүк, өзү эр,
Айлалуу мыкты Сары кан
Адамдан кооз сөзү бар,
Чөйчөктөй жалгыз көзү бар.
Сары кан жайы ушундай,
Ары балбан, ары эр,
Ары акылдуу кеменгер,
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган чоң чечен,
Кара тилди кайраган,
Калк алдына сайраган.
Канча миңдеп сөз айтса,
Жаңылып бир кеп калбаган,
Жаман көргүч Сары кан,
Туучунагын туйлатып,
Тура албастан бакырып,
Убарлашуу Бакайды
О, кайдалап чакырып.
Үч-Кошойдун оюнда,
Жылгындуу, Кең-Кол боюнда,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө Манастын сайган багында.
Кайнарда кара көзүндө,
Как чынардан өзүндө,
Дарбазалуу ордодо,
Каныкейдин коргондо.
Кабылан Бакай абаңа,
Кан Семетей баатырга,
Кабарга келди Сары абаң.
Ашып-шашып ээлигип,
Адамдан бөлөк желигип.
Түздөн түрү бузулуп,
Көк сүлөөсүн кыргыз бөрк
Көмкөрө башка кийиптир,
Ашып-шашып анталап,

www.bizdin.kg



Токтолбой ылдам жүрүптүр.
Анталаңдап Сары кан
Кароолду мыктап чалды эле,
Кан Коңурбай баатырдын
Кабарын билип калды эле.
Энтелеңдеп желигип,
Жоо түрүн көргөн кыраанын
Токтой албай ээлигип.
Каныкейдин ак сарай,
Калк курчаган зор сарай
Каадасы мыкты бир далаа.
Керүү жагы баткалда,
Кеп токтотуп зор Бакай
Кеңеш кылып жатканда,
Үйүрмөнүн сазында
Үйрүлүп жыйын курганда
Үйрүлүп жыйын курганда
Чогулманын сазына
Чогулушуп турганда,
Тапкычташып табышып,
Кепти ортого салганда.
Эр Коңурбай чоң Калча,
«Келсе кандай болот?!» – деп,
Кеңешин куруп турганда.
Баскан жерин уратып,
Малдан күлүк Туучунак
Жаадай кылып чуратып,
Ортого кирип барды эле
Ой, капырай, шумдук! – деп,
Ойрон Бакай бабасы
Оңураңдап калды эле.
Капкадагы кырк балбан
Катар чуркап жүгүрүп,
Сары канды көргөндө
Аргын, кыргыз аралаш
Бир шумдугу бар го – деп,
Минтип жандан түңүлүп,
Ордо баккан капкасы,
Он эки желдет, беш балбан
Эликтей ыргып түйүлүп.
Асты утуру жүгүрүп,
Сары кан атын алды эле,
Алтын курбу мамыга,
Арбуурулдун жанына
Алып барып балбандар
Тулпарды байлай салды эле.
Айчүрөктүн кырк келин
Күлүмсүрөп жез бурап,
Күдөрүдөй былкылдап,
Күлүп кетсе бейбактар
Жез комуздай шыңкылдап,
Эпсиз чурап жүгүрүп,
Эшик тартып калды эле,
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Жампайып түшүп калды эле.
Маанилүү эри кан Бакай
Сары канды бет алып,
Бакай кепти салды эле.
Абаң Бакай кеби бул.
Сары канга карата,
Эң акылдуу болжолсуз,
Мына мындай деди эле:
«Каада билгич казына,
Каныкей балам, турчу, – деп,
Сары саамал кымыздан
Сары канга куйчу, – деп,
Ары адилкеч, иш билгич,
Колуң менен Каныкей,
Сары абаңа сунчу! – деп.
Тойгондо акыл табылар,
Токтобостон эр кыргыз
Кеп укса жоого жабылар!»
Айбаты катуу көп жоону
Ала жүргөн кол эле,
Буюрса абийир жабылар!»
Деп, ошондо кан Бакай
Кабарга келген Сары кан
Курсагы ашка тойгуча,
Кумары канып болгуча
Аңгеме-дүкөн курабайт,

www.bizdin.kg



Сары кандан эр Бакай
Жалгыз кепти сурабайт.
Дасторконду жыйды эле,
Омийин! – деп, кол жайып,
Жаңы дуба кылды эле.
Кароолдон шашып келгенге
Кайтып берди Сары кан,
Көргөн менен билгенин,
Уккан менен туйганын
Айтып берди Сары кан.
«Эй, кулунум, Семетей,
Тилегиң Кудай бериптир.
Тиктешериң Коңурбай
Кааласаң өзү келиптир.
Баабединиң бат айткын
Ар Шайыктын жолуна
Ай туяктан ат айткын!
Көңүлдүн көбү бөлүндү,
Кара чөптөй капырың
Кан Коңурбай баатырың,
Казат ачып, чыр баштап,
Кагышчу түрү көрүндү!
Кара канга бөлөнүп,
Чабышчы түрү көрүндү!
Кырк уруу кытай эл экен,
Кыргыз эмес, кылымды
Каптап кетчү сел экен!
Асты бүркөө, жер ачык,
Айла кандай болот – деп,
Аз куралган эл экен,
Аргын менен кыргыздын
Айылы канда конуучу?!
Каарлуу кытай каптаса,
Кагыш кылбай жатпаса,
Алакандай бу журттун
Айласы кандай болуучу?!
Эрениң бар, каның бар,
Эми айтам бир сөздү
Эл-журт кулак салыңар!
Кең-Өзөндүн боюнан
Кейиштүү мүшкүл журт көрдүм,
Кумурскадай кайнаган
Кылымга татыр кол көрдүм.
Кол алдында Коңурбай,
Опол-Тоодой чоң көрдүм!
Малдан ачып баарды
Кыдырып кыйла шаарды
Кыргынды кызык салыптыр.
Кыргызды кыргын кылам – деп,
Кытайды айдап алыптыр.
Былкылдаган бел келет,
Мык төрөнү тең келет,
Каарынан Калчанын
Жер силкинип термелет!
Уюң-Шуюу балбаны
Ушуну айдап алыптыр,
Берендерин сан бөлүп,
Алды алдынан салыптыр!
Таласты жетип басууга,
Далайды кармап жанчууга,
Жаңжал салып минтүүгө,
Жабылган экен көп кытай
Бир бокчону тинтүүгө!
Көк темирдей куралып,
Көбү толкуп чубалып,
Кадайы калың күтүптүр,
Чубаганда кара жер
Кагылайын кулунум,
Калыңынан түтүптүр!
Жадыгөйү, жайчысы,
Өлүмгө каршы барчусу
Өткөрө каптап алыптыр,
Калың колун бөлүнтүп,
Каптап жаасын төгүлтүп,
Каарын катуу чачпасын,
Төбөндөн тийген Коңурбай
Төбөбүздөн баспасын!»
Сары кан айтты бир кепти,
Салмактап айтып оор кепти,
Көргөнүн айтып турган соң,

www.bizdin.kg



Олуят чалдын эр Бакай
Ошондо сөздү кылганы:
«Ажалы жеткен өлбөйбү,
Таласка аңдыган Калча келбейби!
Күрдөлүү бул баш барында
Көп журтту кантип берели,
Кутурган окшойт чоң манжуу,
Күрпөңдөшүп көрөлү!
Эрен бул баш турганда
Эл-журтту кантип берели,
Эсирген окшойт Коңурбай,
Эзилишип көрөлү!»
Бакай кан минтип турганда,
Каарланып Семетей,
Капкадагы Буурулду
Кыялын журттан арттырып,
Ок жаңылып кетпеске
Абайдан жабуу жаптырып.
Казатка минер бууданды
Кермени ыраак кердирип,
Оңжоңдогон каранга
Күрүчтөн жууп бердирип,
Берен энең Каныкей
Белендеди ушундай.
Күрүчтөн күндө жем берип,
Күндө терин алыптыр,
Арпадан аса жем берип,
Айда терип алыптыр,
Этине келип союлгур,
Учкан куш менен жарышып,
Бу казы алуучу боор эт
Калган экен карандын
Кабыргага жабышып.
Сай-сайлап жүнү бириндеп,
Туягы жерге токтобой,
Калган экен союлгур,
Учуучудай дирилдеп.
Кабырга сөөк бөлүнүп,
Калжаңдаган карандын
Тулпардан сыны көрүнүп.
Жоболоңдуу Семетей
Жоого кирер адаты,
Жортсо жанды жыргатар,
Буурул ат мунун канаты.
Жазайылды салынып,
Жардай болгон Буурулду
Токуп минип камынып,
Каардуу мүшкүл канаты,
Кагышкан жоого бет алса,
Манастын уулу эр Семең
Кашкайып күлөр адаты.
Беш-Таштын башы Кан-Жайлак,
Кан-Жайлакты жайлаган
Атасынан – бабасы,
Жоодон үркүп калбаган.
Он төрт атын байлаган,
Ортолоп Кең-Кол жайлаган.
Ачуусуна тийгенди,
Астыга салып айдаган.
Алышып душман жоо келсе,
Азууга салып чайнаган.
Букарга барып зор болгон,
Тентип-жүрүп чоңойгон.
Темиркандын шаарына
Тентип барып эл тапкан,
Каракандын шаарына
Качып барып жан баккан.
Берендин жайы ушундай,
Кайран катын Айчүрөк
Сейилге сайган чынар бак,
Ошол чынар түбүндө
Төрөсү минген төөдөй так,
Төрө оолугуп, Калчага
Кагышка чыгар ошол чак!
Мына ошондо Айчүрөк,
«Төрөм кандай болот!» деп,
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип.
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип.

www.bizdin.kg



Мойнунда алтын сөйкөнү,
Самсаалатып каранды
Моймолжуган шуркуя
Моюнга кызык салынып,
Болбой ыйлап камынып,
А дүйнө кеткен шерлердин
Зайпуруш шерлердин
Арбагына жалынып.
«Ишти жалгап ондо,– деп,
О дүйнө кеткен шер атам
Жалгызыңды колдо!» – деп.
Чыдай албай санаага,
Чыркырап ыйлап төрөгө.
«Айлам кандай болор!» – деп,
Арманын айтып Айчүрөк,
Көкжалды карап тура албай,
Көп капа болуп бечера ай.
Өзөнгө бүтөт тик кыя
Акыштанат ар түрдүү
Акундун кызы шуркуя
Козголо тартып жөтөлүп,
Койколоңдоп бейтаалай
Короздой мойнун көтөрүп,
Күйүп турат төрөгө,
Өзү жалгыз немеге.
Акырын басып жөтөлүп,
Аркардай мойнун көтөрүп.
«Чындашкан жоосу Коңурбай,
Чыңалуу кызыл темирдей.
Чын кудурет колдой көр,
Атадан жалгыз немени
Калчадан өлдү дедирбей!
Кармашары Карагул,
Зордугу тоонун теңиндей.
Жалгызды Кудай жалгай көр
Жалдыраган шуркуя
Жалгызынан айрылып,
Жалдыраган бейтаалай
Жабылып кытай шаарына
Олжо болду дедирбей.
Бейбакты Кудай каргаса,
Кадырман төрөм өлөр,– деп,
Бейбакты Кудай жалгаса,
Бээжиндин каны Коңурбай
Карап кылып келер деп.
Арбытып чатак салар деп,
Арысландыгы чын болсо,
А дүйнө кеткен атамдын
Артыкча кегин алар!» – деп.
Айчүрөк бейбак муну ойлоп,
Азып ыйлап, чуркурап
Мунажат кылат буркурап.
Отуз келин, отуз кыз,
Оолжуган Айчүрөк,
Көбү кошомат кылып буркурап.
Калайык кейип турду эле,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Чубактын уулу Канчоро
Каныкейдин сарайдан
Кагышка чыкты камынып.
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып,
Жоого ылайык ыктуулар,
Жоо бөрүсү мыктуулар,
Атыштан кайра тартпаган,
Ажалдан кайра кайтпаган.
Кабарчыдан кеп угуп,
Кан Коңурбай зор Калча
Какандан дүрбөп кол жүрүп,
Камап түшөт деп угуп,
Жоо дегенде сүйүнүп,
Жоо бөрүсү көкжалдар
Жоо кийимин кийинип,
Дүмөктүү кыргын, чоң казат
Болорун билип чыкты эле,
Таласты кытай бүт курчап,
Толорун билип чыкты эле,
Көк темирден туулга
Көмкөрө башка кийгизип,

www.bizdin.kg



Артык энең Каныкей
Чарайна менен чаптатып,
Тешик койбой балдарды
Көк темир менен каптатып.
Картайганда энеңдин,
Карааным балдар кийсин деп,
Кажыбай жоого тийсин деп,
Кармаша кетсе Коңурбай
Каканга чейин сурсун деп,
Каарлуу дүмөк, чоң жаңжал
Беттеше келсе салсын деп,
Бээжиндин каны Коңурбай
Капкайда кегин алсын деп,
Куп келтирип жасаган
Ок өтпөс экен тондору
Кайран энең Каныкей
Ошондой экен болжолу
Бээжин ысык жер деген
Ысыгы маза бербеген
Чын чөлүнө жан барса
Күнү ысып кайнаган,
Кабылан түрү калбаган
Күн зардабы өтөр деп,
Билбей койсом бекер деп,
Эр баш сайын жасаган
Он эки көйнөк, он дамбал
Согуштун жайы ушундай.
Калчага салсаң чоң жаңжал
Эч жерде болбойт түк арман
Битиң биттеп кетет деп,
Бир кийимиң жүз кылдым
Кири кирдеп калар деп,
Кир кийимди кырк кылдым
Сейилдикке кийгенге
Оюу киймиң бир бөлөк.
Бейпайлашып урушсаң
Союлдун кийми бир бөлөк.
Айбалта менен чабышсаң
Айза менен кагышсаң
Бул кийимиң миң бөлөк.
Кажыбай жоого киргиле
Кан Коңурбай баатырды
Ата кектүү капырды
Бээжинге чейин сүргүлө.
Санаты кыраан сай кашкам
Жалпы кыраан көй кашкам
Адырдан аккан булактар
Атасы өлгөн жетимче
Алдейлеп жүргөн чунактар.
Сайган алпың миң болсун
Сайышкан пендең түз болсун
Качып калган адамга
Унуткусуз иш болсун».
Деп, өшөнтүп Каныкей
Карыганда Каныкей
Картайганда Чыйырды
Эки энеси тең ыйлап,
Эрикбес жоого барасың
Эсен келгин деп ыйлап
Капкадан чыга каларда
Кайран энең Каныкей
Күлчоро менен Семетей
Экөөнүн атын тең кармап,
Байыркы кептен урду эми
Нуска сөз айтып турду эле
Бейлесе болот бей арман
Калчага салсаң чоң жаңжал
Чатакташып Бээжинден
Кабарман өлгөн, кан өлгөн,
Кагыш кылып Бээжинден
Кагылган менде баары өлгөн.
Топон суу тоздоп кирбеген,
Толкуп менде келбеген.
Искендер изин салбаган,
Ит өлгөндүн Бээжинде
Эч ким сурак албаган.
Чалыяр чаркы жетпеген,
Чабышкан аман кетпеген.
Мындан мурун Бээжинге
Бусурман жыйып, кол барган,

www.bizdin.kg



Кагышкан аскер мол барган.
Үрстөм, Дастан кан барып,
Бээжинге жаңжал салыптыр,
Каканчындан Бакбурчун
Кайнаган шаар Кеңтуңдан
Аз Кара-Шаарын алыптыр,
Аким болуп туруптур.
Барган колдун баарысы
Өз билгенин кылыптыр.
Катыны сулуу, дан арзан
Нур чачылган Бээжинге
Ургаачыга кызыгып,
Ушунетип туруптур.
Калың согуш көп колдон,
Калган экен ал жолдон
Катын алып, үй күтүп,
Калып калган туркана
Бусурмандын кулуну,
Чын бусурман дуңкана
Көөдөндө калган көп арман,
Уруудан сандап кол барган.
Бээлесек болот бейарман,
Сурасаң таап аларсың,
Анык кыргыз тукуму
Салаалык деген эл калган.
Атаңыз Манас шер эле,
Атаңдай артык шер болуп,
Жан жаралып мендеден
Жакында келбейт деги эле.
Он эки кан бусурман
Опсузун жыйып алганда,
Бээжинге дүмөк салганда
Билге жүктөп, ок алып,
Он эки канды чогуу алып,
Эл эсебин алганда
Кырк эки сан кол алып.
Ошондо өлбөй берени
Олуят Бакай каны бар,
Алыш кылган кытайга
Алп, дөөлөрдүн баары бар,
Кошой, Төштүк кошо бар.
Музбурчак, Көкчө, Бокмурун
Алптарынан ошо бар.
Түнөрүп жаткан Чоң-Бээжин
Түз кирип айза сунганда,
Түйшүктүү мынча балаадан
Кордуктанып турганда,
Кайнап жаткан каканга
Качырып айза сунганда,
Кырк эки сан, кыйла кол
Кармашып жатып кырганда,
Сулайман баспас Бээжинден
Сурак алып сен атаң
Берениң алтай кан болгон,
Кан болгону курусун,
Бет кан неме жай болгон.
Бээжинден кабар укканда
Безилдедим ыйладым,
Мен энекең Каныкей
Чыркырап ыйлап тургамын.
Калк өлөрүн билгемин,
Чылгый ичим өрт жанып,
Чыдай албай күйгөмүн.
Каканды алды дегиче –
Каран түн түштү десеңчи.
Бээжинди алды дегиче -
Мээнет күн тууду десеңчи.
Акылды арбын таптырдым,
Артыкча күлүп ат берип,
Токтобой мында келсин деп,
Алакандай кат берип,
Кырк жигиттин ыктуусу,
Кырк балбандын мыктуусу
Үзүктөй калпак эр Шууту –
Кырк чоронун чоң куту
Бадана тон кийгизип,
Баланын аты Буурул ат
Азый чыкма кезинде
Эр Шуутуга мингиздим.
Бээлебестен тоготбой,

www.bizdin.kg



Бээжинге жатсаң өлөт деп,
Бейбагын качан көрөт деп,
Каканга жатсаң өлөт деп,
Карааның алты ай болуптур,
Баатыр шер баласын качан
көрөт деп,
Ордого тулпар туйлатып,
Он эки канын ыйлатып,
Атаңа кабар бергемин.
Какандан кайра тартканда,
Бейпай болуп турганда,
Белгилүү эри Коңурбай
Бээжиндин колун жыйганда,
Ай караңгы, түн бүркөө
Азаптуу согуш кылганда,
Каражой уулу Кожожаш
Жадыкөй калмак аралаш
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча
Кайыңдан түшүп, бүр кетип,
Жыгачтан кулап, түр кетип,
Тоо-тоонун башына
Күлдүйүп көк муз тургуча,
Өзөн ылдый зырылдап,
Муздак шамал ургуча
Алтайча атаң салышып,
Өлбөгөн жерден калышып,
Ал жолку Бээжин казатта,
Ошол жол тарткан азапта
Үрүмчү, Манас калаада,
Бээжинден берки талаада
Алыш кылып кан менен
Кырк уруу кытай жан менен
Музбурчак, Көкчө кан өлүп,
Кери жак кылган жаңжалда
Кез болгон жандын баары өлүп,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Эренден жалгыз ал өлүп,
Ормонбектин атасы
Текечи кан дагы өлүп,
Кериден эчен жан өлүп,
Кез болгондун баары өлүп,
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак
Чыканактап калбаган,
Чырым этип уйку албаган,
Ааламга жетет чамасы,
Атаң менен ал экөө
Ага-ининин баласы,
Берени Сыргак дагы өлүп.
Алтымыштын артыгы,
Кырк чоронун кыйыны
Алмамбет, Чубак шер өлгөн,
Адамдан мынча эр өлгөн.
Каканга кирип кайрылып,
Кара кылып олтурган
Кан Чубактан айрылып,
Бээжинге кирип кайрылып,
Кара кылып олтурган
Бек арсландан эмеспи
Алмамбеттен айрылып.
Капталын окко булдуруп,
Канатын жоого жулдуруп,
Куйругун окко булдуруп,
Курдашын жоого жулдуруп,
Бээжинди чаап кайрылган,
Берендерден айрылган.
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Өлдүм деп Манас кайгырып,
Өлчөп билип олтурган
Чубак кандан айрылып,
Кытайды кырып кайрылган,
Кыйындардан айрылган.
Ошол кытай ыктуусу,
Айла тапчу мыктуусу
Керүүгө салган там эле.
Билсең ушул Коңурбай
Кечилдин мыкты каны эле.
Дүмөгү күчтү Калчада

www.bizdin.kg



Мынчалык эрдик бар эле.
Бээжинден чубап сан калдай
Каны чыккан эмеспи,
Кытайдын каны Коңурбай
Дагы чыккан эмеспи.
Бээлесең дүмөк ушундай,
Бээжиндеги кытайдын
Эр Коңурбай зор калча
Каны чыккан эмеспи.
Кайратынан кагышта
Өзүң көргөн менденин
Жаны чыккан эмеспи.
Белсенип чыккан Коңурбай
Мендеден жаман доңуз ай.
Адам болуп жаралып,
Кең Бээжинге туулган,
Алты жашка келгенде
Бүткүл кытай шаарына
Салган экен чуулган;
Жетиге жашы келгенде
Жеткилең дүмөк баштаптыр,
Сегизинде серпилип,
Тогузга чыга келгенде
Каарынан Калчанын
Канынын баары калчылдап,
Бузулуп кете таштаптыр.
Онго жашы келгенде
Бээжинден чыгып адашып,
Атагын көргөн жадаптыр.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн сабаптыр.
Күйүтүнө чыдабай,
Күн жаң-жуң каны жадаптыр.
Он бирине келгенде
Болоттон айза аштаптыр,
Чымачындын-Какандын
Жыйып колун баштаптыр.
Он экиге келгенде
Алгара оозун буруптур,
Бээжиндин Кары канына
Кан кыл деп айза сунуптур.
Чочуп кетип Кары кан
Керүүгө салып там кылып,
Келберсиген арамды
Кечилге бөлүп кан кылып,
Алтындан таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Кадимки кечил журтуна
Кан көтөрүп салыптыр.
Эбегейсиз эр болуп,
Уккан менен көргөнгө
Атагы чыгып калыптыр.
Беттешкенде казабы,
Коңурбай кулдун азабы
Алты капка Бээжиндин
Ар четин чалып кент кылган,
А дүйнө кеткен Манасты
Коңурбай акмак мерт кылган.
Баарыны билген карыя
Бакайга акыл салгыла,
Кечилдин каны бул чочко
Келип калса бул жерге
Кеңешип уруш салгыла.
Мен энекең бейтаалай
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым.
Бээжинди кимдер жердеген,
Алөөкөнүн Коңурбай
Мендеден бөлөк эр деген,
Бээжиндин каны Калчаны
Берендер барып жеңбеген.
Айласы толук, заары күч,
Катылганды кылат түз.
Айылга чабуул коюптур,
Бул өңдөнгөн какшаалды
Эр экен деп күдөр үз.
Чабуулга келген Калчадан
Эсен барып, соо келгин.
Кармашарың каканчын,
Касташканың Бакбурчун.

www.bizdin.kg



Лаңты-кеңту бир далай,
Урушарың Коңурбай.
Касташканың Калча оңбосун,
А дүйнө кеткен шер атаң
Ороюнда колдосун!
Ата, душман Калчага
Алдырып ийсең жаманат,
Балдарым жоого баратат.
Барбардыгер жараткан,
Бир өзүңө аманат!
Деп, өшөнтүп, Каныкей
Алакан жайып чыркырап,
Эки энеси тең ыйлап,
Тегеренип тура албай,
Эки энеси ыйласа
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандан баары ыйлап,
Кызылды кийип кыз ыйлап,
Караны кийип калк ыйлап,
Алакан жайып буркурап,
Калың журттун баарысы
Дуба кылды чуркурап.
Каныкейден бата алып,
Таластын алды Сары-Өзөн,
Сары-Өзөн көздөй аттанып,
Эштектерден Жамгырчы –
Жамгырчы колу аттанып,
Жамгырчылап туу тартып.
Аргын каны Сары кан
Ач арсландай таптанып,
Туучунак тулпар ат минип,
Туучунактын куйругун
Туурасынан шарт түйүп,
Алышар жоосу бүгүн деп
Арысланга окшоп сүйүнүп,
Көкжал экен Сары кан
Көпкөк темир кийинип,
Кынсыз кылыч салынып,
Жекеме-жеке дешишсе
Жекеме-жеке камынып.
Жеке жортор эр экен,
Аргындан тандап кол алып,
Арышка жүрөр кези экен.
Анын бер жак жагынан
Олуяттын эр Бакай
Көк ырапыс тон кийип,
Көк чолок сындуу ат минип,
Бакайдын уулу Байтайлак
Эрендердин бири эле,
Бастырып жоого кире элек,
Жоо кадырын биле элек.
Чылк жээрде ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Касаба туусу көрүнүп,
Кашаттан чыгып бөлүнүп.
Сары кандын кылыгы -
Калдайды кыргыз бузганда
Пайдасы тийген жарыгы.
Айзакерден ыктуу эрен,
Алда жоонун айласын
Артыкча билген мыктуу эрен.
Аргындан чыгып бөлүнүп,
Опол-тоодой көрүнүп,
Дагдыр жетсе өлүүгө,
Манастын уулу чунакка
Караан болуп берүүгө,
Касташканы каканчын
Кармашты катуу салууга,
Алакандай аз журтту
Кайнап жаткан кытайдан
Ажыратып калууга,
Кашатка бойлой конууга,
Журт үчүн курман болууга,
Касабалуу туу алып,
Сары кан уулу Калыкка
Караган менде кубанып.
Аркы Эштектин колунан
Жамгырчы уулу Шайымбет –
Ач айкырык уга элек,
Айкырып жоого чыга элек.

www.bizdin.kg



Карысына куу бала
Кан кылып кылыч иле элек.
Кармаша турган уруштун
Кандай деп жайын биле элек.
Өңкөй кандын балдары
Асты менен бөлүнүп,
Атанын уулу Семетей
Ал балдардын ичинен
Аскардуу тоодой көрүнүп,
Өзөндүн чаңы буркурап,
Өзүң көргөн калайык
Өз урaанын айтып чуркурап.
Өлчөөсүн көрсөң бакырык,
Манастап ураан чакырып,
Сар-Өзөн басып жол толуп,
Эл эсебин алганда
Байкасаң он миң кол болуп.
Эңкейишти тумшукка
Калың кол жетип кылкылдап,
Мына ошондо Семетей,
Буудан Бакай баш болуп,
Бууpулдун оозун бурду эле,
Бура тартып көп колдун
Болжолун карап турду эле.
Айбаты катуу, эр Калча
Ар тозок салган бул башка.
Өзөндө колу сөгүлүп,
Баш-аякка көз жетпейт
Ыж-кыж этип көрүнүп.
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Камап калган кези экен.
Токтобой каптап жеткин – деп,
Тополоң салып бурутту
Токтобой каптап өткүн – деп,
Түбүнө чогуу жеткин – деп,
Калдайларын Коңурбай
Камап алган кези экен.
Коңурбай кебин уккан соң,
Жээк тартып кылкылдап,
Жерге тартып былкылдап,
Жер бузулуп, жол чаңдап,
Жетик экен Коңурбай
Жер силкинтип, кол айдап,
Манжуунун баары чогулуп,
Баатырлары соолугуп.
Көй төрөлөр оолугуп,
Көй кашкалар чогулуп,
Таш сайынган белгилүү
Тазалары оолугуп,
Далай балбан, далай алп
Алган экен чогулуп.
Күн чекеде түш болду,
Бул кыргыздын башына
Күйгүлтүк мүшкүл иш болду.
Он миң экен келген кол,
Шашып жаткан мындан көп.
Катын менен баланы
Көрбөй өлүп калдык – деп,
Качып жүргөн андан көп.
Капаланып кайгырып,
Адамга мүшкүл тууду – деп,
Ыйлап жүргөн мындан көп.
Аманат жанын кез чиркин
Кыйнап жүргөн мындан көп.
Эрени бар, эли бар,
Ээн калган көп журтта
Баатыры, башка шери бар.
Баабедин деп бат айтып,
Ай туяктан ат айтып,
Өлсөк мейли тобокел,
Өйүз-бүйүз турушсак,
Бет алыша калышсак,
Өлчөөгө айза малышсак,
Кыйналып минтип жүрүшсөк,
Кызык болуп салышып,
Кызыл найза сулпукор
Өлчөлүү жерге малышып,
Эртелеп өлүп алышып,
Бул кызыкка кансак – деп,
Урушту мурун салсак – деп,

www.bizdin.kg



Токтоно албай эрдиктен
Жулкунганы андан көп,
Токтоно албай карматып,
Булкунганы андан көп:
Жыйылып келген бул колдо
Немине бар, нелер жок.
Акылы кетип антандап,
Шашып жүргөн андан көп,
Эптеп айла таба албай,
Качканы жүргөн андан көп.
Катар турду он миң кол,
Кайран Бакай баш болуп,
Каптаган колун караса,
Калк аманын каалаcа
Былкылдаган көп караан
Токой десем эл экен.
Толкуп топтоп бер жакта,
Өзүң көргөн көп кытай
Аламан койгон кези экен.
Жылтылдаган мунарык
Жылдыз десем от экен,
Дүмүрөйгөн зор караан
Тоо деп турсам эл экен,
Толкуп каптап Коңурбай
Толуп калган кези экен.
Каршы-терши турушуп,
Аламан койсо мына – деп,
Камбыл айза сунушуп,
Кара жагал Бороончу
Капырлардан Оронгу.
Бурут, токтой тургун – деп,
Элчиге келип турушту.
Каарланып бакырып,
Кан Бакайлап ё чакырып,
Айткан сөзүм билип ал,
Арыслан Бакай, тилимди ал!
Жекеме-жеке чыгышып,
Жеке айзалап урушуп,
Эрдикти эпсиз салалы,
Берендердин, эрлердин
Эрдигин сынап калалы.
Талыкпастан жатышып,
Таамайлап мылтык атышып,
Мергенди сынап калалы.
Жанга сайса жабылып,
Аламан уруш салалы.
Бул сөзүмө көнгүлө,
Коркуп турсаң сен бурут,
Багындык! – деп жабыла
Аттан түшүп бергиле.
Айза менен мылтыкты
Дөбө кылып жыйгыла,
Алышка көөнүң жок болсо,
Жаңжалыңды тыйгыла.
Чатакташпай кайталы,
Каканга эсен тарталы.
Деген сөзгө көнгүлө,
Бакай кандын Көк чолок
Семетейден Арбуурул,
Бажыга жыйган сан кара,
Казыналык түмөн мал
Тийип кеткен жылкыны
Чатакташпай, чырдашпай
Жана бурут, бергиле!
Бул сөзүмө көнбөсөң,
Бул айтканым бербесең,
Бел байлаган белиңди айт,
Беттешкенде бурутум,
Бек сайышчу жериңди айт
Билчи кытай улуу журт,
Көптүгү көрсөң кара курт.
Төрүңө кудук казамын,
Төбөңдөн каптап басамын.
Тийип алып бээнди,
Жакын келсең куу бурут,
Жайнaта муштайм мээңди,
Чыгарамын мен сенин
Капкайда кеткен кээңди.
Баатырың байлап аламын,
Баштыгың кырып кетемин.

www.bizdin.kg



Алы жок жаман элинди
Кул кылып байлап кетемин,
Түп көтөрө ой, бурут,
Түбүңө минтип жетемин.
Каканчы кытай эл ушул,
Оңой дебе кытайды.
Жардык кылса жаңжуңу
Каптап кетер сел ошол.
Кана, бурут, чыныңды айт,
Чабышып чамаң келе албайт.
Алышкан аман болчу эмес,
Айтышкан жандар оңчу эмес.
Ойноп жүрсө сен бурут,
Эртишти не деп чаласың,
Эр Коңурбай чоң кандын
Жылкысын неге аласың?
Козгомок болдук малыңды,
Койбойбуз бурут, жаныңды!»
Кытай минтип турганда,
Алмамбет уулу Күлчоро
Кагыш кылбай турчу эмес.
Атасынан бабасы
Кан ичип ийбей турчу эмес.
Мойнуна тумар тактырган,
Жүрөгү майлуу болсун деп,
Энекеси Каныкей
Эркелете бактырган.
Бөрк ал десе, баш кескен.
Кан төк десе, жин төккөн,
Кок кеч десе, от кечкен.
Суу ич десе, уу ичкен.
Мендеден бөлөк шок тууган,
Аргын менен кыргызда
Баладан мындай жок тууган.
Арысландай көзү жайнады,
Алдына келген элчиге
Кан ичмеси кармады.
Каарданып жулкунуп,
Айбаттанып Күлчоро
Ач арсландай булкунуп,
Тунарып көзү жайнады.
Тургусу келбей карандын
Кан ичмеси кармады.
Аргын, кыргыз тулпары
Олбуп-селбип минбесем,
Одурайган кытай кул,
Бээжинге чейин сүрбөсөм!
Таштууңду талкан кылбасам,
Калдайың кармап кырбасам.
Каканчылуу элинди
Каканга чейин кубалап,
Каныңды карап кылбасам,
Какайлатып журтуңду
Бээжинге чейин кырбасам,
Күрмөлүңдү күлжүтүп,
Өз билгеним кылбасам,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Күрдөлүү башым барында
Күлүгүм кантип берейин,
Күчөгөн экен бул кытай
Күрпөңдөшүп көрөйүн.
Кылычтап башын алайын,
Кыргынды кызык салайын.
Кызыталак Калчаны
Жол үстүнө жарайын,
Кашайтып көзүн оеюн,
Ичиндеги кара кан
Мадерим каны ушул деп,
Кымызча ууртап тоеюн.
Калдыраган калмактын
Каяша кебин көрдүм – деп,
Ушул кебин укканча,
Тирүү калбай өлдүм – деп,
Кийин кылыч Жойкума
Кынынан сууруп калды эле.
Ылачындай ыктуу кул,
Айлакеч кыйын мыкты кул

www.bizdin.kg



Бороончу менен Ороңгу
Экөөнү кармай калды эми,
Арага келген элчисин
Алмамбет уулу Күлчоро
Башын кесип салды эми,
Кыргынды кызык салды эми.
Кара калмак, манжуу журт
Тилге келген элчисин
Тилегиң кабыл келбегир,
Тындым кыла салды эле.
Бул экөөнүн өлгөнүн
Эр Коңурбай көрдү эле.
Каптагын деп калкына
Жаңжуга жарлык берди эле.
Алөөкөнүн Коңурбай
Катуу мыкты кан аты,
Каны жардык кылганда
Калың кытай манжуусу
Каптап калмай адаты.
Кудай бетин көрсөтпө,
Кумурскадай бычырап,
Курчады кытай быжырап
Караса көзгө илинбей,
Дүнүйө жүзү көк жашыл
Кайсы экени билинбей.
Эрендери, кандары
Эчен айза сайышып,
Бет алышып кыргындан
Менде өлбөй калышып,
Чакчалекей чаң болуп,
Жердин үстү мунарык
Кыпкызыл жошо кан болуп,
Ошончо кытай сан колдон
Айзакерден ыктуусу,
Ай-ааламды буй кылган
Бул Калчанын мыктысы.
Телегейи тең экен,
Теңдигин жанга бербеген
Тиги эле Калча эр экен,
Тегеректеп кыргызга
Мүшкүлдөшкөн кези экен.
Коңурбай каарын уккан соң,
Айзалашып сүзүшүп,
Аманат жандан үзүшүп,
Айкайлаган чуу болуп.
Адам түткүс чыр болуп,
Ар бир кылым балбандар
Айза кармап, топ бузуп,
Кээ бир кыйын балбандар
Керишип жүрүп окко учуп.
Караса көзгө илинбей,
Калың кыргын, чоң чатак
Кайсы экени билинбей.
Балбандан эчен алп өлүп,
Бет алышкан согушта
Кытай кыргыз алпы өлүп.
Кызыл кыргын көрүнүп,
Булакча жерден кан өлүп,
Адам каны төгүлүп,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо болуп.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү тоо болуп.
Кайрат кылып калк өлүп,
Кармаштан чыкпай жалгыз жан
Беттешкендер жалпы өлүп.
Кылыч кыйрап чатышып,
Айза түшүп ал жерге
Боо болушуп жатышып.
Эчен күлүк тулпарлар
Ээри түшүп бооруна
Ойноп жүргөн дагы бар.
«Эсил кайран бир боорум
Баланча жерге өлдү» – деп,
«Кайра тартпас чын жайды
Кайран боорум көрдү» – деп,
Боздоп жүргөн далай бар.
Берендери, шерлери,

www.bizdin.kg



Белгилүү кыраан эрлери
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп.
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери оюлуп,
Кан төгүлүп шыркырап.
Алышын адам биле албай,
Адам, айбан өлүгү
Ат балкыштап жүрө албай.
Баатыр экен Коңурбай
Балааны мынча баштады,
Бул кыргында кыйла жан
Жандан кечип таштады.
Жадаалды Калча баштады,
Жаман жерде урушуп,
Эрендерди, шерлерди,
Эчен түрдүү эрлерди
Ал жеткен кырып таштады.
Бул кызыкка ким жүргөн,
Кыраандарың барында
Кытайга салды чоң дүрбөөң.
Асмандан мунар бөлүндү,
Айкайы артык чуу болуп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Азабы көзгө көрүндү.
Улуктары, кандары
Урушка кирди чогулуп,
Эр Коңурбай ал дагы
Аламандап кол тартып,
Мылтык сунуп, жаа тартып,
Жадыгөйүн көрүнтүп,
Ушундай экен Коңурбай
Жамгырдай огун төгүлтүп.
Көк жамынчы жамынып,
Көрсөң мындай эр Калча
Көк арсландай чамынып,
Тыргоотун тыйпыл бакырып.
Эң балбаны кытайдын
Карагул менен Акаяр
Кайдасың деп чакырып.
Тигинде бурут – кыргызды
Тим эле айдап сапырып,
Кагышты катуу кылды эми,
Маңдайлашкан баатырды
Далайын кыргын кылды эле.
Баатырдыгы башкача
Балаадан артык көй кашка
Алмамбет уулу Күлчоро
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Коңурбай тозо сайышып,
Чуу турган балаа салды эле.
Коңурбайдын колунан
Аз гана кыргыз, аз элди
Ал балаага жолотпой
Күлчоро тозо калды эле.
Кырган сайын кыйналып,
Түгөнүп кытай калбады.
Кытайга кыргын чыр салган
Кан Коңурбай жаңжалы.
Эренден эчен кан өлүп,
Чоң аламан жаңжалда
Кез болуп мынча жан өлүп.
Асман ачык, жер бүркөө,
Ай караңгы түн болуп,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Мынчалык мүшкүл күн болуп.
Айкай салып турушту,
Мына ошондо Күлчоро
Арынаган Боз кисе
Абыдан белге курчанып,
Алдыңкы кара манжууга
Кирген экен кол салып.
Жеткен жерин айзалап,
Кез болгонун майдалап.
Айза таамай келгенде
Айзалап сайып уратып,

www.bizdin.kg



Андан жакын келгенин
Айбалталап кулатып.
Этине келген Суркоен
Ээлендирип зыргытып,
Кырып жанчып кытайды
Кыргын кылып ыргытып.
Бөйрөкчөнү бааналап,
Бөрүдөй жоону аралап,
Токтобой кыргын салды эле.
Таласка колду бастырбай,
Алмамбеттин көкжалы
Тозуп жатып калды эле.
Быяк жагын карасаң –
Дагдыр жетсе өлөм – деп,
Чубак уулу Канчоро
Чуулгандуу көкжалың
«Баана кылган балага
Караан болуп берем» – деп,
Астындагы миңгени
Көбөш кандын Көктелки
Он бир жерден айза жеп,
Жаралаган кези экен.
Жайнаган түмөн сан колду
Чекесинен Канчоро
Аралаган кези экен.
Канчоро кирди кагышып,
Жети милек көп кытай
Бир четинде чабышып.
Жоого адис эр Бакай
Көпкөк темир тон кийип,
Көк чолок өңдүү ат минип,
Айза тийген жерине
Араан ачык жол салып,
Картайганда Бакай кан
Алты түмөн кытайга
Аралады кол салып.
Бакайдын түп артынан
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Туучунагын туйлатып,
Уй түгүндөй манжууну
Туурасынан кыйратып,
Чебин бузуп жол салып,
Чекесинен кол салып,
Өөдө-ылдыйын карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Сары кан кирди кагышка,
Сары кандын артынан
Сары кандын көп колу.
Салышкан жоого беттешсе,
Бүткүл элдин баарына
Байдасы тийген жарыгы,
Кең көкүрөк, кең далы
Мурдагы баатыр бу дагы.
Ободо жылдыз болжошу,
Ойрон салбай турчубу
Семетейдин жолдошу.
Калык кирди бакырып,
Карагерге камчы уруп,
Манастап ураан чакырып.
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Ажалдан тартпас бөрү ошол.
Айкай жарган кытайга
Аралап кирген жер ошол.
Эштектердин Жамгырчы
Жоо бөрүсү неме эле,
Арыслан Айкөл барында
Адис болуп кыргынга
Камбыл болгон шер эле.
Актелке атын туйлатып,
Аралады кытайды.
Эштек колу кыйратып,
Жамгырчылап чуу тартып,
Мылтык атып, жаа тартып,
Баарысын тегиз уратып,
Кез болгонду сулатып,
Кезиккен жоону кыйратып,
Анын быяк жагынан
Манастын уулу Семетей.

www.bizdin.kg



## КОҢУРБАЙДЫН ТАЛАСТЫ КАМАП ТУРГАН ЖЕРИ

Ошондо Алөөкөнүн Коңурбай
Ач айкырык, чуу болуп,
Айгайы катуу дуу болуп,
Кыян каптап, жер толуп,
Эл эсебин алганда
Кырк уруу кытай эл болуп.
Кырк уруунун баштыгы
Кымбаты Калча, Эзкара,
Карагул баштык шер болуп,
Кыйла түмөн эр болуп.
Күүлөндү кытай, бөлүнбөй
Күчөп кыргын салганда
Күндүн көзү көрүнбөй,
Топурак учуп, сел каптап,
Толкуп кытай, эл каптап.
Кол артында Коңурбай
Каптагын деп бакырып,
Бүтөп алган кези экен.
Калың кытай каканчы
Эр адатын карматып,
Күчөп алган кези экен.
Аламан коюп, чуу туруп,
Доулбасты карс уруп,
Сурунай кулак тундуруп,
Желпинип кытай чуу турса,
Кулак тунуп чуркурап.
Жабыла тарткан жаа огу
Кулак жулкуп дыркырап.
Калың кытай көгөрүп,
Каканчылап чуркурап,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлөк ок атып.
Кытай кыргыз ал жолдо,
Аламандап беттешип,
Аты чабал, каруусу аз
Качып берчү немедей,
Жан багышып четтешип.
Өйүз-бүйүз турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Айза сунуп, кылыч чаап,
Чоюнбаш үйрүп, балта чаап,
Чочунушпай урушуп,
Маңдай-тескей турушуп,
Жан аябай эрендер
Жаа тартышып урушуп.
Жаанын огу зыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Кемегедей бир жерди
Кеме чаап оюшуп,
Кепини ушул болсун – деп,
Ажалы жеткен адамды
Кийими менен коюшуп.
Жан аябай чуу туруп,
Думпүлдөктү карс уруп,
Кериней-сурунай тартылып,
Керикке* ок-дары артылып,
Кез-кездешип чарпылып,
Кичи казат дүмөгү
Күндөн күнгө артылып.
Айгайлаган салышта
Алөөкөнүн көкжалы,
Алтымыш жайсаң кенжеси
Коңурбай камап баруууда.
Эр козголгон чоң булук
Эрениң Калча салууда.
Мына ошондо Коңурбай
Балбандары башкача,
Мунун баатырлары бир канча.
Албан түрдүү шери бар,
Айта берсе түгөнгүс
Эр Калчанын кеби бар.

www.bizdin.kg



Кара курттай калкы бар,
Кадимки алпы жалпы бар.
Каарланса Коңурбай,
Каршы келсе душмандын
Канын ичмей салты бар.
Бээжинде кытай кан аты,
Качан болсо каканчы
Бет алгандан баарысын
Бейпай кылып моминтип,
Каптап кетер адаты.
Каптай турган себеби –
Алты сан кытай, сан калдай
Аябай согуш салуучу.
Адас болгон душманга
Жоонун ак сакалы Коңурбай,
Коңурбай жайы ушундай,
Көөхардан топчу муштумдай.
Коңурбайдын кийгени –
Этеги жайык көк күбө,
Ок өтпөгөн бек күбө.
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс,
Чылк жибектен талдырган,
Чын болоттон элетип,
Ортосуна салдырган,
Жасап турган устасы
Уйкуга моюн бурбаган.
Кайыганда каранды
Болоттон кылган шибеге
Болжолу жок кыйраган.
Арыптап октон сологон,
Каранды жасап турганда
Чоң-Бээжиндин казына
Арбынырак корогон.
Айбалталап салганда,
Балта тийген жеринен
Алтымыш мылтык атылган,
Алыш кылган душманы
Ажалга өзү чатылган.
Көк күбөнү жамынып,
Көрчү болсоң Коңурбай,
Көк жолборстой чамынып.
Коңурбай жайы ушундай,
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнгөндү соргудай.
Каарланса Калчаңыз
Ааламды күткүдөй,
Чымырканса кара жер
Чымдыгынан түткүндөй.
Капталдан көчкөн селди көр,
Селчелик Калча эрди көр.
Бакырык салып Коңурбай,
Манжууларын шаштырып,
Ойдолотуп Кара атын
Ойку-тойку бастырып,
Бу капырдын Кара аты,
Кара атынын бар эле
Капталында канаты.
Катылышкан душманды
Качан болсо Коңурбай
Талкандай чалган адаты.
Алгара жайы ушундай –
Куйругу саяң, жалы аз,
Булуттай оргуйт кара саат.
Адеп оозун жайганда
Булуттай учат дыркырап,
Туякка кокус таш тийсе
Талкан болот быркырап,
Көрсөң Калча бөрү ошол,
Ааламды буй кылган
Атагы чыккан шер ошол.
Балбандарын, эрлерин
Айдап жолго салыптыр,
Адамдан бөлөк түрү бар,
Балбандардын баарысы
«Кызыталак бурут» – деп,
Каптап жатып калыптыр.
Бээжиндин ар жак жээгинен,

www.bizdin.kg



Зазаң-шаң деген жеринен,
Данкүүбө деген элинен,
Киши билбес сөзү бар,
Маңдайында жыластын
Казанпактай көзү бар,
Мунарадай бою бар,
Катылгандын баарысын
Кайсайм деген ою бар.
Алардын жайын сурасаң –
Энеси инди жалабы,
Атасы кытай долусу,
Адамдын тилин билбеген,
Айбанга чалыш доңузу.
Беттешип менде барабы,
Бет алган тирүү калабы?
Албан түрлүү эл айдап,
Артык окшойт Коңурбай.
Кээ бир алпын карасаң –
Адам билбес сөзү бар,
Башында жалгыз көзү бар.
Байкап карап отурсаң,
Кынжылаган балбаны.
Балбандын бирөө бошонсо,
Катылышкан адамдын
Чыга турган далдалы.
Балбанынын баарысы,
Абайласа Калчанын
Артык окшойт каруусу.
Ошо балбандарын карасаң,
Суур көрсө сууруп жеп,
Кашкулак көрсө казып жеп,
Карга көрсө кармап жеп,
Кулан көрсө кууп жеп,
Теке көрсө терип жеп,
Бирөөнүн этин бирөө жеп.
Жер былкылдап кол толуп,
Жеткилең Бээжин козголуп.
Жер тумандап, чаң толуп,
Манжуулардын Эзкара
Туу кармаган ал болуп.
Жер тумандап кылкылдап,
Жээк тартып былкылдап,
Калган экен Коңурбай
Кең Таласка жакындап.
Белгилүү эриң Коңурбай
Айдап алган кези экен,
Мыктууларын Эзкара
Шайлап алган кези экен.
Бир чекесин Карагул
Айдап алган кези экен.
Каталдын уулу Карагул –
Кара саат мына бул,
Чылгый ичи өрт чалып,
Чыдай албайт мына бул.
Анын атагын көргөн чочуган.
Коңурбай менен биригип,
Ажайыптан окуган.
Чоң зыйкырчы*, дувакөй*
Өрттөнгүрдүн бирөө ошол.
Каршы алдынан чыккан жол,
Карагул алган түмөн кол.
Каталдын уулу капырдын,
Эр Карагул баатырдын
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча.
Эр Карагул баатырың,
Эченди билген капырың,
Адам, аябаган дүмөктү
Салган экен баатырың,
Шыйкырчысын, жайчысын
Салган экен алдына.
Эр Карагул баатырдын
Берендери бетинде,
Белгилүүсү четинде,
Камчы алганы бетинде,
Кайраттуусу четинде,
Жолумдуусу бетинде
Жолборстуусу четинде,

www.bizdin.kg



Кылыччаны артында,
Кыйындары четинде.
Жээк тартып кылкылдап,
Жерге тартып былкылдап,
Сары-Өзөндүн бетинде
Жайнап чыгып келатат.
Тоону бойлоп, толгон жан
Курт экени билинбей,
Кайнап чыгып келатат.
Айзанын башы кагышат,
Адамдын башы чабышат.
Үркүн-түркүн кол каптап,
Колдун баары мол каптап.
Каптаган колду көргөндө
Кылымдын баары күйүнүп,
Кыргызың жандан түңүлүп,
Адамдын баары күйүнүп,
Абайлап карап отуруп,
Аргының жандан түңүлүп.
Астыга салса ак жолтой,
Аркага жүрсө сан колдой,
Агасы Манас сырдашы,
Асыл Бакай курдашы.
Бакайдын жайы ушундай –
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Өзү көкала калкан ойногон.
Башын бергектиге көмөгөн,
Аягын миң алтынга жөлөгөн.
Караңгыда жол тапкан,
Капыяда сөз тапкан.
Адис Бакай акжолтой
Мунун арбагы кымбат сан колдой.
Кызыр чалган олуя –
Кымбаты Бакай карыя,
Ээр белдей белестен
Көкчолок оозун бурду эле.
Эки жакты карады,
Эсил Бакай абаңыз
Эл аманын карады.
Сары-Өзөндүн боюнан
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды караса,
Бакай кандан жан чыгат.
Кечээ кабылан Манас барында,
Кайраттын толук чагында,
Кызыл кылыч ак найза
Боолоп турган кезинде,
Кылымды чөл түшүрүп,
Жоолоп турган кезинде,
Ок өтпөс зоот сыртынан
Кийип турган кезинде,
Кылымды чөл түшүрүп,
Билип турган кезинде
Кара-Шаар, Камбылын
Жоолоп турган кезинде.
Каканчылы Бэйжинди
Карсылдатып токмоктоп,
Берен Манас кан болуп,
Ээлеп турган кезинде,
Көңүлүм жаман бөлүнөт
Көкжалым Манас барында,
Көп каптаган кытайдын
Кебетеси көрүнөт.
«Алөөкөнүн Коңурбай
Бээжинден чогуу кол айдап,
Бейпайды чогуу кылган бейм,
Беттешип кырып келүүгө,
Бет алып түпкө жетүүгө
Бек даяр болуп калган го!
Төбөбүздөн басууга,
Төрттүлүк малды чачууга,
Төбөңдөн тийген бул кытай
Кол тартып каптап алган го».
Деп, өшөнтүп, эр Бакай
Канкор Манас барында
Жоо жагына камданган,
Камынбай Бакай калбаган.
Кабарга чапчу доулбас,

www.bizdin.kg



Үнүн уксаң оолак кач.
Доулбас бекем кагылды,
Толгон кыргыз, көп аргын
Доулбас үнүн уккан соң
Кол жыйналып жабылды.
Кара-Буура, Чаткалда
Кайкалап кыргыз жатканда,
Эриксе элик атыптыр,
Эрикпесе жатыптыр.
Кайындан чаап айзаны,
Боолоп турган журт экен,
Касташканга беттешип,
Жоолоп турган кези экен,
Аргын, кыргыз ой тартып,
Конуп турган кези экен,
Күндүзү ордо, шабийет*
Болуп турган кези экен.
Бакай үнүн укканда
Доулбас бекем кагылып,
Дүңгүрөшүп кол тартып,
Элинин баары жабылып.
Төрт-Күлдүн төмөн жагынан,
Төрө Манастын сайган багынан,
Кайнардын кара көзүнөн,
Как чынардын өзүнөн,
Каныкейдин ордодон,
Айчүрөктүн коргондон
Аттанып чыкты жоон топ
Жоон топ жандын ичинде
Манастын уулу эрениң,
Башынан шай колдогон шер немең,
Он төрт атын байлаган,
Орто Кең-Кол жайлаган,
Атыша чыга жоо келсе
Астыга чыгып айдаган.
Ачуусуна тийгенди
Азууга салып чайнаган.
Атасы Манас көкжалдан
Артыла туулган чунагы.
Түп атасы түгөл кан,
Түбүнөн Кыдыр* даарыган.
Короо айланып келгиче,
Короолоп кызыл тал бүткөн.
Түбү күчтүү түгөткө
Кожо Кыдыр жар бүткөн.
Асынганы Аккелте,
Кийгени чопкут Аколпок.
Аколпок тону ок өтпөс,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Кенеме жака, кең күрмө,
Керишке кирсе ок өтпөс,
Кош бадана, торгой көз.
Берен энең Каныкей
Темир курчтап септеген,
Теги акылман шуркуя
А дүйнө кеткен Манастан
Аколпок каран калганда
Кайран энең эптеген.
Кайра баштан курч тартып
Артыгыраак септеген.
Айза менен мушташса,
Ар жакка өтпөй сыйпалгыр
Сайса колду талдырган.
Болумдуу катын Каныкей
Болот эгеп жиберип,
Аколпокко салдырган.
Жакпаган жерин сөктүргөн,
Эленди курч болоттон
Табактап куюп төктүргөн.
Жылан боор бүктүрүп,
Жылас болгон каранды
Жымылдата тиктирип,
Келин бычып, кыз тиккен.
Кызыл көйнөк, айча бел,
Так кылпылдаган уз тиккен.
Болжолдуу жердин баарына
Темирден курчтап кадаган,

www.bizdin.kg



Мушташка кирсе айза өтпөй,
Буза албай душман жадаган,
Үстүндөгү Аколпок,
Тондун жайы мына бул.
Согушка кийчү чарайна* –
Чарайна жайын сураба.
Берен катын Каныкей
Сынын артык машаган,
Манастын жалгыз уулуна
Куп келтирип жасаган.
Бээжин ысык жер деген
Ысыгы маза бербеген.
Кумга койсо кумганы
Куркурап чыгып кайнаган.
Адам көзүн жумганча,
Ана-мындай дегиче
Кашык суусу калбаган.
Билбесем муну бекер деп,
Ошол чөлгө барганда,
Ысык тийсе балдардын
Ал-кубаты кетер – деп,
Курган катын Каныкей
Куп ошондой жасаган.
Төбөсү курчтан чоктолуу,
Баалары карандын
Сексен арга токтоду.
Серпишкен жоого киргенде
Жаактыгын түшүрүп,
Башка баса кийсин – деп,
Алкымына бүчүсүн
Айкаштыра түйсүн деп,
Качырганда душманга
Качпай сырттан кирсин – деп,
Кан Коңурбай капыр чал
Казат кылса кокустан
Каканга чейин сүрсүн – деп,
Кан атасы Манасча
Кан агыза кирсин – деп,
Көркөм калпак чарайна,
Чарайна жайын сураба,
Айбалта урса тешпеген,
Аркескен кылыч кеспеген.
Тышын темир сомдогон,
Акылман катын Каныкей
Так өзү тиктеп оңдогон.
Кең көйнөктүү катындан
Келишимдүү Каныкей
Балакет мындай болбогон.
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Ушулардын баарысын
Берен энең оңдогон.
Куп келтирип темирин
Төкөр уста Бөлөкбай
Дөөтү* менен дос эле,
Ошол уста сомдогон.
Мурунку өткөн Манастан
Мураска калган Бөлөкбай
Тиктеп туруп оңдогон,
Мунун кыйшык жерин койбогон,
Чарайна жайы ушундай.
Айзалашса айза өтпөс,
Кабыргада себили.
Качып берсе айза өтпөс
Айдалыда темири.
Жай-жарагын шайланып,
Атасы Манас көкжалдан
Аманат калган Зулпукор
Аманат кылыч байланып,
Колундагы сыр найза
Уңгусу болот, учу курч,
Учуна салган кара курч.
Түпөгүн кылдан бурдурган,
Ата, түгөнгөн уста Бөлөкбай
Жоого ылайык кылдырган.
Учун курчтан кынаган,
Муштаган душман сулаган.
Бөрү тил учун чыгарган,

www.bizdin.kg



Чийип учу кеткени
Кабылдай берип өлсүн – деп,
Адамдын көз жашы менен сугарган,
Түн ичинде сунганда
Чычаладай кызарган.
Беттешкен жоого шилтесе,
Беш кулачтай узарган.
Шиберди сайса өрт кеткен,
Шилтегени бүрт кеткен.
Опол-Тоонун түп ыргай
Түбү менен жулдурган,
Кайың, табылгы аралаш
Кайран уста Бөлөкбай
Балбандарга буздурган.
Кылыч чапса кесер – деп,
Ортосуна айзанын
Жез ичирип тундурган.
Кыбакорго баптаткан,
Кызыталак сыр найза
Бил терисин каптаткан.
Койгулаша кеткенде
Коржоктогон каранын
Колдон тайып кетет – деп,
Тутам жерин сырдаган, –
Тутам жерин кырдаган.
Күркүрөтө сунганда
Карап душман турбаган.
Анын бер жак жагында
Алтын жаак айбалта,
Анын аңгемеси бир канча.
Төкөр уста Бөлөкбай
Айбалтаны эгеген,
Манастын уулу эр жетим
Душманга алып жүрсүн – деп,
Семетейге чеңеген.
Сабына алтын жаптырып,
Мизине уу жаптырган.
Эшик эндүү айбалта –
Эсеби жок зор балта.
Кайраттанып качырса,
Кан ичпей куру жүрбөгөн.
Кара жолтой каранды
Шилтесе куру тийбеген.
Ашагандан машаган,
Дөөтү менен кеңешип,
Төкөр уста Бөлөкбай
Дөөтү менен кеңешип,
Кайран киши жасаган.
Көөрүгүнө чыдабай
Алман түшүп кыргызга
Көк букачар союлган.
Көмүрүнө чыдабай,
Чытырман токой оюлган.
Көбү жалган, көбү чын,
Көрүп келген адам жок.
Теңи жалган, теңи чын,
Теңшерип келген бирөө жок.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Манастын уулу көкжалдын
Айбалта колдо жаркылдап,
Касаба колдо калкылдап.
Бу колунда алтындан жаак айбалта,
Сол жагында алтындаган чоң калта.
Ада Манастын уулу зор төрө,
Адыр-күдүр белести
Аша коюп адуулап,
Астындагы Буурулду
Ок жаңылып кетпес – деп,
Абай менен жабуулап,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Кол алдында Семетей
Касаба тоодой көрүнүп.
Айдап алып артынан,
Коңурбайдын дартынан,
Каарланып көз жайнап,
Мына ошондо канкордун
Кан ичмеси бек кармап:

www.bizdin.kg



«Кызырлуу башым барында,
Кызыккан экен кытай кул
Кыргызды кантип берейин!
Аны менен мен өзүм
Кырылышып көрөйүн,
Анын арт жак жагынан
Алмамбет уулу Күлчоро
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир башка,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Билеги жоон, таш жүрөк
Бил мүчөлүү бадирек,
Комокойлуу сыр найза
Колойтуп өөдө аштаган,
Койгулашкан душманга
Коркуп колтук ачпаган.
Койгулашкан душманды
Коендой жерге жанчтаган,
Душман көрсө желигип,
Жетиктеп белин курчаган.
Жети түмөн кол келсе,
Жеке аралап кол салган.
Бу кабарында бар бекен,
Мурун өткөн Алмамдан
Мурага калган Күлчоро.
Өзү узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер –
Өзү жоонун айласын
Артыкча билген мыкты шер.
Өзү бала тапан көйкашка,
Эр экени эсепсиз,
Мунун эрдиги журттан бир башка.
Сулуулугу сымбаты –
Жайнаган кызыл чок эле,
Душманды көздөй бет алса
Болоттон курч ок эле.
Курган Алмаң кыраандан
Курсакта калган эме эле.
Аргын, кыргыз бул журтка
Темирден коргон чеп эле.
Бул Күлчоро баланы
Жан жаратып эр кылып,
Жакында бербейт мендеге.
Айзага камбыл Күлчоро
Ыктуулугу дагы чын,
Өзү жоонун айласын билет абыдан
Мыктуулугу дагы чын.
Кайраты мыктуу, жоон билек
Душманга салат чоң дүмөк.
Күлчоро мыктуу чоң балбан
Кыраандарың барында
Кытайга салат чоң жаңжал.
Кара-Буура, Чаткалда
Кайкалап кыргыз жатканда
Алмамбет уулу Күлчоро
Ошол журттун ичинен,
Уйкудан чочуп түшүнөн
Тура калып берениң
Суркоенду токунуп,
Алда кандай болду деп
Көкжал тууган Семетей
Көкжалы Семетейден чочунуп,
Мына ошондо Күлчоро
Ажал жетсе өлүүгө,
Өлбөй тирүү болгондо
Абакеси султанга
Караан болуп берүүгө,
Чындаса журту чынмачың
Чыңоодогу темирдей.
Чындаса баатыр Күлчоро
Сөлөкөтү-сөлбөтү
Чоңдугу тоонун теңиндей.
Чамалуу балбан Күлчоро
Чапчышса жоону жеңгендей.
Суудай супсур ат минип,
Сулп куйругун чарт түйүп,

www.bizdin.kg



Кара түпөк айза алып,
Жанына Жойкума –
Жойкума кылыч байланып,
Бул Күлчоро баланын
Ок өтпөгөн тону бар,
Ок жетпеген аты бар,
Ойлосоң мынча каркыбар.
Ааламдын баарысын
Буй кылуучу баркы бар.
Кыраандыгы, шердиги
Кызыталак Чоронун
Кылымда жок эрдиги.
Көк арсландай чамынып,
Кынсыз кылыч салынып,
Сандыргалуу көкжалдын
Кай кылыгын айталы.
Кайран энең Каныкей
Кадырлап кылган кандагай –
Кандагай шым ушундай.
Багалектин кашатын
Бап келтирип баймалап,
Багалектин туш-тушун
Байкуш энең Каныкей
Алтын менен саймалап.
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс,
Тартып алса бу караан
Шили болуп жыйылат.
Кое берсе бу караан
Желим болуп жыйылат.
Укмалуу катын Каныкей
Уламадан улаган,
Билгичтерден сураган.
Атбороюн сыдырып,
Адамдын баарын кыдыртып,
Уламадан көп угуп,
Үч-Чокунун тоо теке
Териси калың беш эли,
Келгендерден кеп угуп,
Териси мыкты деп угуп,
Балбан кийсе согушка
Ыктуу тери деп угуп.
Жулкушканга былк этпес,
Мыктуу тери деп угуп.
Кайран энең Каныкей
Катын башын эр кылып,
Каралуу башын туу кылып,
Асыл энең Каныкей
Аргын менен кыргызды
Аралаш жыйып алдырган.
Чуулгандуу энекең
Чубатууга салдырган.
Көзгө атуучу мергенден,
Мергендеги келгенден
Так ошондон алдырган.
Бөлөкбайды баш кылып,
Көзгө атуучу мергенден
Алтымышын атказып,
Үч-Чокунун тоо теке,
Териси калың зоо теке,
Үч-Чокунун тоо теке
Тоо текеден сулатып,
Капчал ылдый кулатып,
Терисин сыйрып алдырып,
Жайы-кышы он эки ай
Ашаткыга салдырып,
Каран калган жыластын
Ишин мыктап кылдырып.
Өнөрүн бөлөк кандырып,
Алтай алма кабыкка
Күдөрү кылып салдырып,
Балбандарды жыйдырып,
Чоймолотуп талаткан.
Токсон мыкты балбанга.
Токмок берип колуна,
Тогуз ай мыктап сабаткан.
Талкалатып бастырган
Болот эгеп жиберип,

www.bizdin.kg



Ок жаңылып кетет – деп,
Ортосуна чачтырган.
Жээк менен ичтеген,
Каныкейдин кырк келин
Каада кылып тиштеген.
Кемпир бычып, кыз тиккен,
Келишимдүү уз тиккен.
Жылан боор бүктүрүп,
Жылас болгон каранды
Жымылдата тиктирген.
Телегейин тең кылган,
Энекең сынап отуруп,
Балалегин кең кылган.
Иштүүлүгүн билгизген,
Чунагы Күлчорого кийгизген,
Болоттун учу тешпеген,
Болжолу жок кандагай
Бада кылган чунакка
Бастырып жоого киргенде
Бөөдө ажалы жетет – деп,
Ок жаңылып кетет – деп,
Кандагайды кийгизген.
Үстүндө зоот чарайна,
Аламан жоого кол салса
Бир жеринде тешик жок.
Толо бою топчулуу,
Кызыл жүздүн баарысы
Көктөмө менен үпчүлүү.
Абасы Семетейдин жанына
Арсландай ойноктоп,
Ал Күлчоро келди эле.
Эки жагын каранып,
Элтелеңдеп токтобой
Эрди-мурдун жаланып,
Жер жайнаган сан колду
Көрүп турат Күлчоро.
Кан ичмеси бек кармап,
Кайран жанды аябай
Өлүп турат Күлчоро.
Окоро түйгөн чоң чылбыр
Моюнуна кынап салынып,
Семетейге жалынып,
«Күмүш көздүү күйгүлтүк
Күркүрөгөн абаке,
Сен өңдөнгөн абага
Мендей кулуң садага!
Раазы болбойм мунуңа, кан аба,
Кейибей жүрсөң мунума
Өлүп калсам мен Чоро
Ит териси кул элем,
Өлбөй жүрсөм мен Чоро
Кой териси уул элем.
Белин бекем буушкан
Берениm төрөм өзүм менен туушкан.
А дүйнө кеткен Манастын
Зор белинен сызышкан,
Кайран энем Каныкейдин
Жатынын жара тээп чыгышкан,
Мен качан Манас уулу элем?
Өлөрман кытай каптаптыр,
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не муразга жетемин?
Аргын, кыргыз элиңе,
Абакем сендей шериме
Курман болуп кетемин.
Кызыгып келген кытайга
Кыйрашып канды төгөйүн
Бери кытайдын каны Коңурбай
Кызыккан окшойт бул кытай
Кабыргасын сөгөйүн,
Кармашып канын төгөйүн.
Айзалап кирип, топ бузуп,
Убакты бүтсө окко учуп,
Айныбай жоого кирейин.
Кармашты кылсам капырга
Каканга чейин сүрөйүн.
Бек чийилсе Коңурбай

www.bizdin.kg



Мен Бээжинге чейин айдап
кирейин,
Калайман катуу салайын,
Бу карыган дөөсү Коңурбай
Бээжинге чейин кубалап,
Өзүңдү кан көтөрүп алайын.
Убактым келсе кытайдан
Ушунтип өлүп алайын.
Абакем төрөм, угуп ал,
Бу кечилдин каны жоголбой,
Кыргыздын иши оңолбойт.
Өзү тийген Коңурбай
Аянып калып Калчадан
Не муразга жетели,
Кырылышып кытайга
Кымбатым кыргыз элине
Курман болуп кетели.»
Деп, өшөнтүп, Күлчоро
Суркоен оозун бурду эми.
Айткан сөзү кеч болуп,
Аралап кытай кирүүгө
Арслан туугаn көкжалдын
Эки көзү төрт болуп,
Шашып Чоро турду эле.
Мына ошондо Семетей
Анда туруп муну айтат:
«Кагылайын Күлчоро,
Өөдөгө чыксам өбөгүм,
Ылдый тартса жөлөгүм,
Эгиз козу түгөйүм,
Кытайга жалгыз жиберип,
Өлүп кетпей жан тынып,
Кантип тирүү жүрөйүн,
Тай-кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Маңдайдагы бараным,
Күлчоро менин карааным,
Буурулдан башка буудан жок,
Күлчоро менен Канчоро,
Экөөндөн башка тууган жок,
Менде эңкейип кетсем ээрим жок,
Эч куруса, жакындардан
жээним жок.
Аркада турган агам жок,
Канчоро менен Күлчоро,
Экөөңөн башка караан жок».
Төрө мындай кеп айтып,
Дөбөдө турду дардайып.
Какандын журту калың журт –
Мунун көптүгүн көрсөң кара курт.
Калдайдын уулу капырга,
Кармаш кылып көрөлү,
Ушул кан Коңурбай баатырга.
Кармаш кылып көрөлү,
Дагдыр каза чын жетсе
Бу дүйнөдөн өлөлү.
Зор Коңурбай баатырга
Зордук кылып, журт кырчу
Каарланган капырга
Таамай балбан санатым,
Буурул ат менин канатым.
Мындай жоону көргөндө
Тынбай алты ай салышып,
Ушунтип өлөр адатым,
Күлчоро менен Канчоро
Экөө менин канатым.
Тулпар оозун бургула,
Абийир үчүн, эл үчүн,
Артыкча балдар мен үчүн,
Алмамбет, Чубак эр Манас
А дүйнө кеткен шер үчүн,
Тулпар оозун бургула,
Турбай алты ай салышып,
Туу түбүнө тургула!
Каптап келген капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Былкылдак куурай бышкынча,
Мыйзамдын гүлү учканча,

www.bizdin.kg



Мыктанып алты ай салышып,
Мына минтип тургула!
Чөп саргарып, күз жетип,
Кайыңдан кулап бүр кетип,
Жалбырак учсун шалдырап,
Ажалы жеткен эр өлүп,
Жата берсин жалдырап.
Калайман түшүп, кан өлсүн,
Кагыштын жайы ушундай
Кармашкан жандын баары өлсүн.
Белди бекем бууңар,
Бээжиндан каны Коңурбай
Берен Манастын кунун кууңар!
Жазайыл тийсе көргүлө,
Жан-жабылып салышып,
Так бирөөң калбай өлгүлө.
Семетей айтып мындай кеп,
Айтып оозун жыйгынча,
Чубак уулу Канчоро –
Бу да чуулгандуу эр Чоро.
Уруш десе сүйүнүп,
Атыштан кайра тартпаган,
Адамдан кайра кайтпаган,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Алакөөдөн, чорт кыял
Кара ниет кайратман.
Артылта тууган беренден,
Атасы көкжал Чубактан.
Мына оюндо Канчоро
Бадана кийип балкылдап,
Алтын жаак айбалта
Билегинде жаркылдап,
Касаба колдо калкылдап,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көкжалдык түрү көрүнүп.
Тегерегин карабай,
Теги эле кыраан чунагың
Өлөмүн деп санабай,
Көк өтүк бутта чойкоюп,
Көк найза колдо койкоюп.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Чуулгандуу чунагың
Теги эле, Чубактай сын көрүнүп.
Телегейи тең экен,
Оң далысы кең экен.
Мунун оолукма жини кармаса
Ойротту бузар шер экен.
Бет алган жоого ак жолтой,
Белеске чыкса сан колдой.
Ада жалаяк ооз, жар кабак
Ада жаркылдаган эр неме.
Кыялы кызыл түлкүдөй,
Качырганы камандай,
Кайратына карасаң
Тоо омкоргон шамалдай.
Сайышка кирсе сан колдой,
Алышка кирсе ак жолтой.
Тегиз уул Канчоро
Шердик жери дагы бар,
Бет алса жоодон качпаган
Эрдик жайы дагы бар.
Каары катуу кармаса
Кара ниет, журт бузгуч
Кемдик жери дагы бар.
Кечээ Күлчоро менен Канчоро
Экөөнү төрөң бакканда
Казы менен картаны
Жүрөгү майлуу болсун – деп,
Жаш кезинде жегизген
Чын бир тууган болом – деп,
Энеси Каныкейдин эмчегин
Тең бөлдүрүп эмизген.
Тоюна токсон сойдурган,
Алым болуп жүрсүн – деп,
Атын уйкаш коюшкан.
Эки жетим баланын
Үзүлгөнүн улаган.
Жанына караан болор – деп,

www.bizdin.kg



Чачылганын жыйнаган.
Ыйлап атса сооротуп,
Уктап атса ойготуп,
Бирөөнүн көзү тиет – деп,
Ырымдатып жолтойду
Мойнуна тумар тактырган.
Алмак-салмак көтөртүп,
Алдейлетип бактырган.
Өткөрө мерген болсун – деп,
Аккелте берип колуна
Адырмактын ак бугу
Анда-санда аттырган.
Өзү жалтаң болот – деп,
Эркелете бактырган.
Күлчоро менен Канчоро –
Эки түгөй бөбөгүм.
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган.
Ээрчитип жүрүп эр кылып,
Эр уулу менен тең кылган.
Туйбаганды туйгузуп,
Туура жолго киргизген.
Билбегенди билгизип,
Минтип жолго киргизген.
Жаштоо бала кезинде
Колуна каргылап айза сүйрөткөн.
Жоого камбыл болсун – деп,
Жоонун жолун үйрөткөн.
Манастын уулу эр көкжал
Атасы Манас көкжалдан
Артылта тууган шер көкжал
Ылайыктуу Чоросу.
Карыганда Каныкей,
Картайганда Чыйырды,
Баана кылган Бакайы
Бу кылыгын карачы!
Билбегенди билгизген,
Көрбөгөндү көргөзгөн,
Билимдүү Бакай абасы
Белге чыга келгенде
Берендин жайын карачы.
Айырмачтай акырдан,
Ат өтпөгөн такырдан
Ата колчоңдогон кайран шер
Козголбой турду карачы.
Алды жагы мунарык
Айчык алтын туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Жер тумандап чаң болуп,
Көрүп турган кишинин
Жөн эле башы дал болуп.
Караса көзгө илинбей,
Камгак учкан немедей,
Кайсы экени билинбей.
Туура жагы мунарык –
Мунарык десе эл экен,
Былкылдаган көп караан
Токойбу десе эл экен,
Калдайыңкы көрүнгөн
Камышпы десе сел экен,
Кумурскадай кайнаган
Каканчынын эли экен.
Каны буйрук кылганда
Калтырбастан немени
Каптап кетер эл экен.
Кара курттай жайнаган
Коңурбайдын эли экен.
Каарына алганда
Каптап журтту буй кылган
Бу кылары эп экен.
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түптү кытай эл экен,
Урушка чыккан аскери
Уй түгүнөн көп экен.
Менин атам эр Манас,
Алмамбет, Чубак аралаш
Калайман салып Бээжинге
Кагышканы эп экен.

www.bizdin.kg



Чабышып чама келе албай,
Каканчы Бээжин деп жүргөн
Калк айтканы эп экен.
Эп бейлиң курган Бээжин журт
Кара курттай эл экен,
Каарына алганда
Каптап кетер кытайдын
Бу кылыгы эп экен.
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Журт алдында чеп экен.
Бөлөк-бөлөк эли бар,
Каарланса капырдын
Жер сапыртып бүткүсүз
Жер майышкан илек кол.
Кызыталак кытайга
Ушул турган кара жер
Калыңан түткүсүз.
Илек-илек эли бар,
Ортосунда темирден короо чеби бар.
Манжуудан жыйган калкы бар,
Каарына алганда
Кармашканда душманын
Каптап кетер салты бар.
Ортосунда күркүрөп,
Эр Коңурбай шери бар,
Жарлык кылса жаң-жуңу
Жан токтотпой ааламды
Каптап кетер сели бар.
Каптап кетер себеби –
Кара курттай эли бар.
Малга кароо Коңурбай
Жылкымды бурут алды – деп,
Жылмайган экен доңуз ай.
Дооулбас бекем кагылып,
Дооулбас үнүн укканда
Калчага жолдош болууга
Кара жагал Тагылык,
Кайсы бирин айталы
Кайнап жаткан көп улук.
Шибеликтин Дуушаңы,
Кызыл жагал Жөөкүлүк,
Аскер башы ээлери
Аламан коюп, жөө каптап,
Ат оюнчу жөөлөрү.
Каткалаңдын Сайкалы
Каптаганга көз жетпейт,
Кажылдаган карандын
Кайсы бирин айталы,
Кол алдына кааласа
Калк аманын караса
Туу кармаган Бороодой,
Ал Бороодой капырдын
Көзү ачкан ороодой.
Кыйшалактап кылт этпей,
Туу түбүнөн былк этпей,
Келе жаткан бороондой.
Бороодойдун артынан
Шуру отогот, маржан таш,
Луң-туңдун каны аралаш,
Бул кандарын көргөндө
Алек болуп кайран баш.
Алек болгон себеби –
Топон суу жетпес Бээжинге
Толкуп Калча барыптыр.
Толтура илек кол айдап,
Колу жеткен Коңурбай
Какандын элин чогуу айдап.
Ата, кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Келберсиген доңуз ай.
Бурут жылкымды алды – деп,
Бузулуп Калча турбаптыр.
Ар жагы Көккап, Маңкүбө
Сазаң-Шаң журтту жыйнаптыр.
Тыргооту тыйпыл жыйналып,
Кызыталак кытайга
Тыйпыл түшүп калыптыр.

www.bizdin.kg



Уй түгүндөй кытайдын
Уругу кырк кан эл экен.
Мунун учмактуу жайы сурасаң
Какандын эли дээр экен.
Мына картайган менен Коңурбай
Бээжинден чыккан шер экен.
Каканчылы Бээжинди
Каарлап айдап чыкканы
Бул кылыгы эп экен.
Алөөкөнүн Коңурбай
Бул Бээжинге туулган
Темирден кашаа чеп экен.
Тегеректеп кетүүгө
Алөөкөнүн Коңурбай
Кырк кандын элин чогуу айдап,
Камына келген кези экен.
Чымчык учпас кең сайдан
Жайнап чыгып келатат,
Курт экени билингис
Жер силкинип, көп кытай
Жайнап чыгып келатат.
Муну көрүп Семетей
Манастан тууган эр немең
Тегеле зың-зың этип кенебей.
Курчап кытай келатса,
Куруп кетсин буларды
Бучкагына теңебей.
Эрдик менен шердикти
Эсеби жок көкжалга
Берген экен ченебей.
Аргын, кыргыз калың кол
Кытайдын колун көргөн соң,
Кысталак жандан туңүлүп,
Күйүп турду ошол жол.
Чогулган кол муну айтат:
«Коңурбай колун көрдүк – деп,
Ажалдан мурун өлдүк!» – деп,
Журт чуркурап күйүнөт.
Алмамбет уулу Күлчоро
Кыз кайнын көргөн эмедей,
Кытайдын колун көргөндө
Каткырып күлүп сүйүнөт.
Тирелишип калың кол
Тим байкашып турушту,
Адам, Бакайдын уулу Байтайлак
Мурунтан бастырып жоого кире элек,
Бил Жоболоңду эр Тайлак
Баштатан жоо кадырын биле элек.
Сары кандын Калыгы
Жекеге чыгып урушуп,
Калдайдын туусун жыкканда
Калыкка пайдасы тийген
Жамгырчы,
Жамгырчынын Шайымбет –
Бир кишилик чамасы,
Бул да адам болуп жаралган
Ажал жетсе өлөм – деп,
Карама тоодой көкжалга
Бу да караан болуп берем – деп,
Өткөрө кыйын жандары,
Өңкөй кандын балдары
Тулпардын оозун бурду эле,
Туйгун тууган төрөгө
Караан болуп турду эле.
Анын ар жак жагынан
Аргын каны Сары кан,
Көкала чопкут тон кийип,
Көк Туучунак ат минип,
Көкала желек туу болуп,
Көз кайкыган чуу болуп,
Касаба колдо калкылдап,
Кан кылыч колдо жаркылдап,
Кериней-сурунай тарттырып,
Керикке ок-дары арттырып,
Аргын, кыргыз элинин
Билерманын чогуу алып,
Билге жүктөп ок алып,
Көк темирдей куралып,

www.bizdin.kg



Арт жагынан чкккан жан
Көк бузултуп чубалып,
Албан түрдүү айзалар
Такымында болкулдап,
Казат жүргөн көп кошун
Тарам-тарам солкулдап,
Албан түрдүү бөлүнүп,
Абайлап көрсөң бу кулду
Жер жарылта көрүнүп,
Кайра тартпас камбылды,
Кайраты мыктуу даңгылды,
Жазбай сайчу эренди,
Жаңылбай атчу мергенди,
Колун жыйнап алыптыр,
Козголоң салып Сары кан
Баарын жыйнап алыптыр.
Келаткан колдун алдында
Алеңгир* жаа, сыр жебе
Айгай кулак тундуруп,
Абайласаң аңгеме.
Келаткан колу ар түркүн
Ак чатырдай көрүнтүп,
Бет алышкан душмандын
Бекем көөнүн бөлүнтүп,
Балталарын барбайтып,
Баатырларын дардайтып,
Ата, болжолу жок Сары кан
Боз мингенин бир бөлгөн.
Бука моюн, буура сан,
Булкушканды куураткан,
Жоо көргөндө жалтанбай,
Чоюнбаш менен урушчу
Качпай турган эренден,
Жалтанбай турган беренден,
Бет алса айла тапчудан,
Жолум үйдөй чоюнбаш
Жалтанбай таамай чапчуудан
Билериктүү сур минген,
Эрендерди бир бөлгөн.

Торуча кылыч байланган
Жанына жалаң кылыч байланган
Жоо дегенде шайланган,
Эрендерди бир бөлгөн.
Эч кимден кайра тартпаган,
Кызыл өрттөн кайтпаган,
Кулача минип кутурган,
Жоо дегенде жөн эле
Жан аябай жутунган.
Кең көкүрөк, жайык төш
Мындай эрди бир бөлгөн.
Кара күрөң тон кийген,
Кара кылдай ат минген
Менде болуп шашпаган.
Өлүп алат экемин – деп,
Эгерде кайра качпаган.
Урушту кызык көрчүдөн,
Туу түбүнөн былк этпей
Караан болуп берчүдөн.
Күлдү тонду кийгизип,
Тегиз күрөң миңгизип,
Эрендерди жүргүзүп,
Мунун колун бир бөлгөн.
Ак жээрде миңгизип,
Албан түрдүү кийгизип,
Айзага даңгыл ыктууну
Жоого жобо көп салып,
Жоонун айласын билген мыктууну
Мунун колун бир бөлгөн.
Кан төгүлсө кан иччү,
Каршылаша барганда
Качпай туруп салышчу
Ач айкырык, куу сүрөөн
Алакөөдөн чаңдаяк
Ыраак-жакын дебестен
Мурду менен тийчүдөн
Өлөрүн билбей жөнеле
Беттешкенге кирчүдөн,
Алакөөдөн дардаңдан,

www.bizdin.kg



Өлөрүн билбес чоң көөдөк,
Так ошондой балбандан.
Казасы жетсе өлчүдөн,
Качпай жоого кыйкырып,
Караан болуп берчүдөн.
Чын бадана кийгизип,
Чымчык чаар миңгизип,
Качпай жоого кирүүчү
Камбылдарды бир бөлгөн.
Айбалта жаза бир салган,
Чоркокторду бир бөлгөн.
Торконун күлүн кийгизип,
Тору аланы мингизип,
Чоркокторду бир бөлгөн.
Ажалы жетсе өлсүн – деп,
Өлбөй тирүү жүргөндө
Куралган кыргыз журтуна
Караан болуп берсин – деп
Кан Сары кан муну ойлоп,
Түндө үйдөн чыкпаган
Отурган жерде уктаган
Коркокторун бир бөлгөн.
Эмине болсо мейличи
Качып жүрүп өлсүн – деп,
Колун мынча дедиртип,
Жоо көзүнө көрүнүп,
Андан кийин өлсүн – деп,
Коркокторун бир бөлгөн.
Эч акылды түк билбей
Жүрө берген жөн эле,
Жакшы-жаман ылгабас,
Акыл айтса жыргабас,
Жаман-жакшы билбеген,
Өз жолуна кирбеген,
Торпокторду бир бөлгөн.
Аргын каны Сары кан
Албан түрдүү кол айдап,
Колдун баарын көкжалың
Койбой баарын мол айдап,
Туучунагын туйлатып,
Калың колун чуулатып,
Киргилдүү сорпо, майлуу эт
Киштелүү ичик, кара бөрк,
Эрдиги эпсиз кара көк
Элди жыйнап кол алып,
Аз гана эмес, мол алып,
Азар түмөн кол алып,
Аз гана эмес мол алып,
Кагышка кирер сел алып,
Кара көктөн эрди алып,
Туучунагын туйлатып,
Качпай калкын жыйнатып,
Калайыкты кубантып,
Эрен экен Сары кан
Эң билерман чоң сынчы
Берен экен Сары кан
Кеби таамай, сөзү ачык.
Келишимдүү көзү ачык.
Артык билгич даанышман,
Азап менен жыргалды
Ойлоп билет алыстан.
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Кыргыз журттун уясы,
Эр Семетей көкжалдын
Акыл тапкыч мурасы,
Айзакерден эрени,
Аябаган Сары кан
Аргындардын берени.
Ажал жетсе өлөм – деп,
Артык көкжал Семетей
Манастан калган баатырга
Караан болуп берем – деп,
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Калдайдын уулу капырга
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Алөөкөнүн эркеси
Чоң-Табылгы жайлаган,

www.bizdin.kg



Чоң Кара атын байлаган.
Каруусу толук баатырга,
Кан Коңурбай капырга
Кармаш кылып көрөм – деп,
Бала төрө канкорго
Караан болуп берем – деп,
Жоо бөрүсү Эрен кан
Жоонун айласын
Артыкча билген эрен кан
Даңгылдыгын карачы,
Каптап кытай жоо келсе
Жоо тозорман эрени.
Айлы элдин четинде
Кармашы жоонун бетинде.
Тилге чечен, кепке бай
Жоо көрүнсө желиккен,
Сары кандын баатыр бар,
Салмактуу кандын бири ошол.
Бул да салышка кирчү каркыбар
Олуят уулу эр Бакай
Баатыры Манас барында
Жолборс Бакай мураапы.
Казатка кирсе качпастан,
Карыса да кан абаң
Тууну кармап турары.
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Качырган жоого сан колдой,
Өзү кара кашка тынары,
Айтылбас сөздүн бекери,
Картайса да бобулар
Канкор эрдин жөкөрү.
Белине таңуу кырааны,
Бедели сан кол сыягы.
Мына ошондо Сары кан
Бет алышпай Калчага
Белесте карап турабы?
Туучунагын туйлатып,
Кара сакал жайылтып,
Туучунактай тулпардын
Колун жерге сайылтып.
Касаба туусу калкылдап,
Кан иччү Аркескен
Артык болот өткүр курч
Билегинде жаркылдап.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк туулга, жай-жарак
Төбөсүндө көрүнүп.
Белден чыга калганда
Аскар тоодой көрүнүп,
Туу чунак оозун бурду эле.
Азар түмөн кол менен
Семетей берен баатырга
Караан болуп берем – деп
Сары кан келип турду эле.
Анын арт жак жагынан
Өзөндүн чаңы буркурап,
Кызыл найза, көк кылыч
Эштектердин эрени
Бу да кыргыздардын берени
Эштектердин Жамгырчы
Жакасында каты бар,
Эр Жамгырчы аты бар.
Көкжал Манас барында,
Көп уруш кылып кытайга
Бу да көнүп калган каркыбар.
Кечээ берен Манас эр болуп,
Белгилүү көкжал шер болуп,
Айза алган киши окко учуп,
Таалайлуу киши топ бузуп,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыктаган алты ай салышта
Топурак учуп, тоз күйгөн
Тополоң жаман кагышта
Мадыкан келип беттешип,
Манаска салган урушта
Байкасаң дүмөк, чоң жаңжал
Байыркы болгон жумушта.
Бээжинге беттеп кол салып,

www.bizdin.kg



Беттеген жерден олжо алып,
Аркасы тийди Манастын
Айдаганда кытайды
Айзакерден ыктуулар,
Манас алган олждодон
Алалмандуу эрендер
Алты миңден ат алып,
Алалбаган эң жаман
Алты жүздөн ат алып,
Чалыяр баспас Бээжинге
Чабышып Манас кол салып,
Алтын жүктөп билди алып,
Оймок ооз, бото көз
Ойкучтаган сулуудан
Эрендер тандап бирди алып.
Кечээ кытайды Манас сайганда
Кызыкка көп журт канганда,
Мына ошондо Жамгырчы
Барган кандын бири экен,
Аябаган көп мүлктү
Алган кандын бири экен.
Аябаган дүйнөгө
Канган кандын бири экен.
Ал Бээжиндин согушта
Түп-Бээжинин алганда,
Дүмөктү чогуу салганда
Аркасы тийип Манастын
Өлгөн жандан калгандар,
Чоң-Бээжинге баргандар,
Бээжинге салган жаңжалда
Казына бузуп калганда
Канкор Манас, Бакай кан
Калың дүйнө, сансыз мал
Кана журтум, алгын – деп,
Бул олжого кангын – деп,
Ортого сала салганда
Мына ошондо Жамгырчы
Алтын, күмүш көп алып,
Жүктөй албай чыгыптыр.
Агача келин, сулуу кыз
Олжого алып ошону
Үптөй албай чыгыптыр.
Аламан кылып көп көнгөн
Адис болгон Жамгырчы
Бөксөдө бөтөн жол менен,
Азар түмөн кол менен
Өзөндүн чаңы буркурап,
Өзүң көргөн Жамгырчы
Эштектен түмөн кол айдап,
А да келди чуркурап.
Айзанын башы тийишип,
Адамдын башы сүрүшүп,
Камыштай айза калкылдап,
Касаба туунун баарысы
Каршы-терши жаркылдап,
Дооулбас бекем кагылып,
Жан аябай калың кол
Жан куткарбас кытайга
Келип турду камынып.
Ажал жетсе өлүүгө,
Кандын уулу чунакка
Караан болуп берүүгө.
Катышып айгай салууга,
Азганакай кыргыз журт
Келип калган азаптан,
Коңурбай салган казаттан
Ажыратып алууга,
Курган башты Калчага
Жан аябай Жамгырчы
Курман кыла салууга.
Жамгырчы жайы ушундай.
Дүрбөп колу аттанып,
Олуядан бата алып,
Кытай алса кыргыздан
Кылча неме калбайт – деп,
Даанышмандан кат алып.
Муну көргөн Жамгырчы
Кан Коңурбай шер менен,

www.bizdin.kg



Каруусу толук эр менен
Кармаш кылып өлөм – деп,
Кадыр Алла жазганын
Не да болсо көрөм – деп,
Кан Коңурбай шер менен
Кармалашып өлөм – деп,
Окко тике кирүүгө
Болоттон тандап тон алып,
Борумдуу сандап кол алып,
Дарыядай кенди алып,
Далай камбыл шерди алып,
Жамгырчы кол баштаптыр,
Жаман шашып калайык
Жанынан кечип таштаптыр.
Эр Жамгырчы мыкты эрен
Эл дүрбөтүп кол алган,
Мындай сонун жол алган,
Акжелке сындуу ат минип,
Кокон ала тон кийип,
Коржолоңдоп жол жүрүп,
Жамгырчы жайы ушундай,
Эр Эштектин уулу экен,
Эзелден бери жан жолдош
Эр Манаста бул экен.
Жамгырчы жайы ушундай,
Жан-жанында жан калта,
Жалаң кылыч, айбалта,
Уңгусу болот, учу курч,
Урушаары ушул журт.
Эрен кылып жараткан
Эгемдин чийген багы экен,
Эр Жамгырчы көйкашка
Көкала сакал чагы экен.
Байлап салган арслandай
Барбаңдаган киши экен,
Жайкы оттогон бугудай
Дардаңдаган киши экен,
Жайкы семиз маралдай
Маарап турган киши экен,
Алчуу жолборс каштанып,
Чалуучу каман баштанып,
Карап турган киши экен,
Бар дидары бир башка
Баатыр экен дедиртип,
А да атанып келген көйкашка.
Көкжалдыгы көрүнөө,
Анын да көп жел тийбейт элине.
А да жалаяк ооз, жар кабак
А дагы бийик кабак, өңү суук
Өзү өгөгөн темирдей,
Мурunу дөбө теңиндей.
Сакалынын карасы
Сарапты* тешип өткөндөй,
Салыша кетсе бир жерге
Жөн эле башты кескендей,
Жан казандай челек баш
Бөктөргөлүү чапандай,
Көз үстүндө кара каш
Түлөгөн жору баштанып,
Качырчу бүркүт каштанып,
Жашында болсо Жамгырчы
Жадалын төккөн душманга
Теги тийчү эр экен,
Жакынырак тууганга
Бели тийчү эр экен,
Жаштык күнү бар болуп,
Айдап жүрсө Жамгырчы
Таш кесүүчү эр экен.
Айгай салып душманга
Айдап кирсе душманга
Баш кесүүчү эр экен.
Кызыл өрттөн тартпаган,
Кылычтан кайра кайтпаган
Өкүм эрдин өзү экен.
Сексен бирге илинип,
Чыгып келген кези экен,
Акыл качып, көөнү айнып,
Танып калган киши экен.

www.bizdin.kg



Ондоп атса бутадан
Чалып калган киши экен,
Акыл айнып, кебинен
Танып калган киши экен.
Бу карылык болбосо
Эр Жамгырчы кыраанын
Чындашкан жоого кол салса,
Чыңоолуу кызыл темирдей.
Жаш кезинде Жамгырчы
Серпишкен жоого кол салса,
Секичек тоонун теңиндей.
Кара болот бөркү экен,
Жаш кезинде Жамгырчы
Жөн эле күйгөн өрт экен,
Кызыл болот бөркү экен,
Жаш чагында Жамгырчы
Тим эле кызарып күйгөн өрт экен.
Ошол кезде Жамгырчы
Курчу кетип, жашыгы
Калып калган кези экен.
Ата, атаңдын көрү карылык,
Көп эригип уйкуга
Барып калган кези экен.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Тузу кетет менденин
Түгөтөт экен карылык,
Ушундай экен дүйнө бок!
Жамгырчынын калың кол,
Калың колун караса,
Калк аманын каалаcа,
Тегиз тону себилден,
Ок өтпөй турган темирден.
Бап келтирип тон кийген,
Баары окшош ат миңген,
Кызык окшош айза алган,
Кыя тартып баарысы
Кындуу кылыч байланган,
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда айдаса
Кабылан сындуу жойлогон
Как кыргыздын өзү экен,
Кабылан сындуу көзү экен.
Эштектердин Жамгырчы
Алкым кара жол менен
Азар түмөн кол менен,
Киши ашпаган бел менен,
Кичигирим эл менен
Жамгыр кылып жаа тарткан,
Жабылдырып ок аткан
Алышка артык эренден,
Кармашка шылуун беренден.
Жабылдыра кол айдап,
Жан-жабылта чогуу айдап
Жана келди Жамгырчы.
Айзаларын аштaшып,
Кол алдында Жамгырчы
Аскер алдын баштатып.
Качан болсо канаты –
Калайман дүмөк кол жүрсө,
Жер айрылып мол жүрсө,
Калк алдында калкылдап,
Кан баштамай адаты.
Ажал жетсе өлүүгө,
Кармашары каканчын
Кайраты бар төрөгө
Караан болуп берүүгө,
Эштектердин мыктуусу,
Карылыгы болбосо
Эчен кандык ыктуусу
Аламан атчан сайышса
Аттуу жандын даңгылы
Күндөп-түндөп урушса,
Далай кандын камбылы.
Далай мыктуу Жамгырчы
Кармашкан жоого аттанган,
Канча алпты сайып түшүрүп,
Эрен болуп аталган.

www.bizdin.kg



Чырдан чочуп тартпаган,
Кызыгышып бет алса,
Кыргындан кайра тартпаган.
Артык эрен кумбары
Атышка эрлер киргенде
Айкөл Манас көкжалга
Жөкөр болгон бу дагы
Каспан-Тоосун бойлогон,
Кандуу айза алып ойногон,
Кагышкан жоону койбогон.
Кармалаша келгенде,
Канча калдай сойлогон.
Каарлуу болуп кат алган
Бет алганын сойлотуп,
Кечээ эр Манас атаң барында,
Эр Жамгырчы атанган.
Кечээ какканчылуу кагышта
Кан Алмамбет, эр Чубак,
Канкор Манас, эр Сыргак
Кыраандар кирген салышта
Касман суусун бойлогон
Эр Жамгырчы баатырга
Беттешкен калдай сойлогон.
Томуктун суусун бойлогон,
Согушкан адам сойлогон.
Албан түрдүү иш кылган,
Алышкан жерин түз кылган.
Мунун айкөл Манас мыктуусу,
Топон суу жүрбөс Бээжиндин
Кандыгын бер деп кагышып,
Орго-доңго балбанын,
Ошонун чогуу чыгарган
Согушуп жүрүп дал-далын.
Ошону көргөн Жамгырчы
Ажал жетсе өлөм – деп,
А дүйнө кеткен Манастын
Арбагын сыйлап берем – деп,
Караан болуп уулуна
Казам жетсе өлөм – деп,
Берен Манас көкжалдан
Белекке калган чоң Талас
Өлбөй тирүү кытайга
Кай бетим менен берем – деп,
Эштектердин Жамгырчы,
Жамгырчынын калың кол,
Калың колдун колунан
Болот айза жаркылдап,
Касабалар калкылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Сыбызгы кулак тундуруп,
Өлүмдөн коркпос көп колду
Эр Жамгырчы баатырың
Айдап келди жылдырып.
А да келди кошулуп,
Көк темирдей курчалып,
Барабан чертип, күү чалып.
Ай касаба туу болуп,
Айкайлаган чуу болуп,
Элдин баары желигип,
Тулпар ойноп ээлигип,
Турган экен ушинтип.
Он башылар орондоп,
Элүү башы сороктоп,
Жүз башылар бөлүнүп,
Миң башчынын баарысы
Күркүрөп көзгө көрүнүп,
Туу түбүндө кандары,
Албан түрдүү жандары,
Эр Семетей көкжалды
Кармашса жолдош болууга,
Кагышкан элди соруга.
Болоттуу айза көтөрүп,
Кытайды көздөй бет алып,
Кылычтын учун ийилтип,
Кетмен туяк, кең соору
Кенен жердин тулпарын
Кергичтетип түйүлтүп,
Кара болот ооздук

www.bizdin.kg



Карсылдата чайнатып,
Арсландай көзүн жайнатып,
Куландай кулак жапыртып,
Кулжуңдатып каранды
Кара жердин кыртышын
Асмандата сапыртып.
Булкунса, тизгин чоюлуп,
Мобу турган кара жер
Чапчыганда жөн эле
Кемеге болуп оюлуп,
Колдун турган жерлери
Аңгүл-дөңгүл аң болуп,
Ат баскан жер оюлуп,
Сурунай кулак тундуруп,
Айгай уруп, чуу туруп,
Дооулбасты карс уруп,
Ат ээлигип ык болуп,
Эр эригип бук болуп,
Эр Семетей жанына
Кошун куруп кол толуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Камыштай айза карарып,
Дөбөдөй берен саналып,
Кол токтолуп карарып,
Козголбостон баратып,
Ал жолдо келген калың кол
Манастап ураан чуу тартып,
Каршы туруп Калчага
Жан аябай барча жан.
Кытай, кыргыз урушу
Кыйладан бери журт өлүп,
Басылбады бузугу.
Кытайлардан Коң төрө –
Кылымды билген чоң төрө.
Журт бүлдүрүп, эл кырган
Ушундай экен бузуку.
Манастын уулу Семетей,
Семетей чаап алам – деп,
Калтырбай журтун кырам – деп,
Катынын олжо кылам – деп.
Какан илек кол айдап,
Кырк кандын элин чогуу айдап,
«Кичи казат» атагы
Бөрү чапкан колум – деп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Азатка кылган чатагы.
Жер жарылып чуу болуп,
Жер майышкан кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Козголгондо жөн эле
Ааламды карап кылуучу
Байкасаң мынча кол болуп.
Жез кийгени жүгүрүп,
Жер майышкан көп колдон
Талап кетет экен деп,
Кыргызың жандан түңүлүп.
Каптаганы кытайдын
Жер бөлүнүп түз болуп,
Жеп ийчүдөй көрүнүп,
Кыркка кытай бөлүнүп.
Кыркынын каны кырк башка,
Кыркы кырк кылымды бузчу
көйкашка.
Шибе, солоон эли бар,
Биринин кебин бири укпайт
Өзүнчө тапкан кеби бар.
Тыргоот кара калмагы –
Тим сайышкан жаңжалга
Тирүү балаа а дагы.
Солобосу манжуусу,
Кириштеши Бакбурчун
Кишилери бул журттун
Кара жагал Сайкалы,
Кажылдаган капырдын
Кайсы бирин айталы.
Солоон жалгыз көздөрү,
Жан жолобойт өздөрү.
Кечилдери, кандары

www.bizdin.kg



Мына кечилдин каны Коңурбай
Көк ала сакал чоң манжуу
Кылымдын каны а дагы.
Алтымыш солоон, сан калдай
Кол башчысы чоң калдай
Бээжиндин ээси а дагы.
Колунда болот оргогу,
Чоломдун уулу чоң Ады
Атасынан ал капыр
Ашып кеткен соргогу
Жармынча жок кыргыз журт,
Жараткан өзү билбесе,
Жан кутулуп болобу?
Албан түрдүү калкы бар,
Алышканды жеп коймой
Бул кытайдын салты бар.
Ата, бурут, сени – деп,
Атактуу Бээжин шаарынан
Аттанган экен каркыбар.
Коңурбай буйрук кылыптыр,
Кыргызды Калча койбойм – деп,
Кытайды Кудай уруптур.
Кыргызды кырып кетүүгө,
Түбүнө чогуу жетүүгө,
Каканчыдан чыгарда
Бор атып кытай чуулаптыр.
Колу менен жараткан
Колодон кылган чоң буркан
Кудайым деп жүрчү экен.
Аса байлап бул кытай
Асты менен чубаптыр.
Каарды Калча баштаптыр,
Тополоң тийип Чоң-Бээжин
Токтоно албай калыгы
Тополоң түшүп элине
Бузулуп кете таштаптыр.
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол өзүнөн жаңылып
Шибенин каны Тагылык
Кайгы баскан кыргыздар
Асты менен жабылып.
Кол токтолуп дуу болуп,
Айгай кулак тундурган
Асман жарган чуу болуп.
Калдайы бар, алпы бар,
Каптаганда жан койбой
Канын ичмей салты бар.
Кол алдында Коңурбай
Чоң өтүгүн чойкойтуп,
Короздой мойнун койкойтуп.
Алтындан чылбыр булкунтуп,
Алгарасын жулкунтуп.
Бөлөгүн айтып нетесиң,
Чоң өтүктүн таманы
Он эки карыш сере экен.
Ойрон Манас көкжалды
Аңдып жүрүп ал Калча
Чаап ийери эп экен.
Өзү кытайдан эр экен,
Кырымды бузган шер экен.
Кулак угуп, көз көргөн
Эл даңаза кылганда
Баатыр Калча дээр экен.
Кан ичип жүрүп катыккан,
Өзү кабылан Калча атыккан.
Манжуу калкын шаштырып,
Опол-Тоодой чоң кара ат
Ойку-кайкы бастырып,
Сол колуна кармаган
Алтын айлуу сыр канжа.
Ар мүчөсүн карасаң
Ала-Тоодой эр Калча.
Коңурбайдын кырк төрө –
Жанындагы жөөкөрү.
Кызмат кылат Калчага
Кырк төрөнүн баарысы.
Кызмат кылар себеби –
Кымбаты Калча карысы.

www.bizdin.kg



Дүңгүрчөктө* тамеки
Кырк төрөнүн мыктуусу
Жөө желдет колун салды эле,
Алты чеңгел тамеки
Алып куя салды эле.
Арамыңдын канжасы
Алты эли толбой калды эле.
Кытай оттук, боор таш
Кырып ийип от койду.
Аз болгондо канжага
Так жолум үйдөй от койду.
Эр Коңурбай соргондо
Канжанын ичи коркурап,
Кумары канып болгондо,
Эр Коңурбай соргондо
Кое берсе коркурап,
Кол ыштыктай түтүнү
Кол ыштыктай буркурап.
Жер үстүнө түтүнү
Тим эле жөө туман түштү буркурап.
Жети миң калдай, кырк төрө
Алапайын таба албай,
Тим эле адашып калды чуркурап.
Мына ошондо Коңурбай
Манжуунун баарын шаштырып
Булуттай учкан чоң кара ат
Буркан-шаркан бастырып.
Күрмө кийген кытайдын
Коңурбай түрүн көргөндө
Таштуусу таза жүгүрүп,
Далай калдай чоң каны
Коңурбайды көргөндө
Кырып иет белем – деп,
Кызыталак жандан түңүлүп.
Эр Коңурбай капырга,
Кайраты толук баатырга
Аттан түшө калышып,
Таажым кылып жүгүнүп,
Чоңдугун көрсөң Калчанын
Керүүнүн чоку тоосундай,
Кыйкырыгы Калчанын
Капчыгайдын оозундай.
Мурутуна карасаң
Өтөккө чыккан чалкандай
Канжасына турган кир
Балдар көөлөп жечү талкандай.
Эки беттин кобулу
Дыйкандар чапкан арыктай,
Калчаны көрсөң ушундай,
Көхардан топчу муштумдай.
Керүүгө салган там экен,
Кечилге мыктуу кан экен.
Бээжинден түмөн кол айдап,
Касташканы Семетей
Кастарын тиккен чагы экен.
Манжуу, кел – деп бакырып,
Канча калдай, сан шибе,
Калбай кел – деп чакырып.
Коңурбай үнүн укканда
Тыргооту тыйпыл жыйылып,
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Кожураган көп улук
Аламан коюп өтүүгө
Ат атына камынып.
Коңурбайдын сан аскер
Коңурбай үнүн укканда
Эликтей чурап түйүлүп,
Шамдагайы болжолсуз
Шака-шука жүгүрүп,
Урушту эске алышып,
Уйгу-туйгу жүгүрүп,
Ошонетип калышып,
Айзага даңгыл ыктуусу
Жоо кайдалап жүгүрүп,
Аябаган мыктуусу
Удураңдап калышып,
Урушту эске алышып,

www.bizdin.kg



Жоо-жарагын жайланып,
Ар чарага камданып,
Аны көргөн адам таң калып.
Жабдыгын колго алышып,
Жанын таштай салышып,
Жоо кайдалап чуркурап,
Калчага жетип барышып.
Мына ошондо Коңурбай
Балбандарын бакырып,
Барың кел – деп, чакырып.
Каарлуу экен Коңурбай,
Катуу кептен баштады.
Коңурбай кебин укканда,
Калың балбан, сан тыргоот
Жандан кечип таштады.
Балбандардын баарына
Алөөкөнүн Коңурбай
Адам угуп отургус,
Уулу кептен баштады.
Менде чыдап тура алгыс,
Чуулу кептен баштады.
Коңурбай журтту чектеди,
Кайраты чындап журтту өрттөп,
Каарлуу кептен баштады:
«Манжуларым, кандарым,
Жан аяба, балдарым!
Маңдай-тескей турушкун,
Мылтык атып, жаа тартып
Карсылдашып урушкун!
Алсызыңар өлгүлө,
Каары мыктуу балбаным,
Бурут деген журутка
Кызылыша көргүлө.
Таянган жери чоң Талас
Такыр айдап сүргүлө!
Даанышманы чоң Бакай,
Ошо тийсе колуңа
Так куйкасын тилгиле.
Буласын булап алгыла,
Бузукту мыктап салгыла,
Бууданы тийсе колуңа
Кылычтап башын алгыла!
Серпишкениң Семетей,
Семетей тийсе колуңа
Жол үстүндө сүйрөтүп,
Жоболоңдуу канкорду
Даңгыттарга жаргыла!
Сураса бербес Буурул ат
Суу укурук салгыла,
Сулуу катын Айчүрөк
Көрүнсө тартып алгыла!
Кереге-уугун кыйратып,
Келин-кызын ыйлатып,
Олжо кыла салгыла,
Түбүнө чогуу жеткиле,
Кол кайырган эренин
Койгулашкан беренин
Койбой кырып кеткиле!
Беренин кармап сойгула,
Бек кул кылып алганга
Бечелин аман койгула.
Күчтүүсүн кармап сойгула
Күң-кул кылып кетүүгө
Күчсүзүн алып кеткиле!
Адырдан малын алгыла,
Ал Жамгырчы, Сары кан
Эрендер тийсе колуңа
Коондой ичин жаргыла,
Койдой башын кескиле,
Кутурган окшойт куу бурут
Түбүнө минтип жеткиле!
Ала-Тоо бизге жер эмес,
Түбү уруусун койбогон,
Кармашып чатак ойлогон
Бул кыргыз бизге эл эмес,
Өзү бурут элинде,
Кызыталак бул бурут
Бизге душман зилинде.

www.bizdin.kg



Душман болор себеби –
Белин бекем бууптур,
Бээжиндеги кытайдан
Манастын кунун кууптур.
Манастын уулу Семетей
Мындан көрдүм кордукту
Аябай көрдүм зордукту.
Зордук көргөн себебим –
Каспан-Тоонун боюнан
Кара-Суунун жээгинен
Түбүмө чогуу жетиптир,
Бажыга жыйган сан кара
Казыналык түмөн мол мал
Дүңгүрөтүп жылкымды
Түгөл тийип алыптыр.
Казатка минер тулпарым
Эптүүсүнөн Карагул
Эптеп тозуп калыптыр,
Ажыратып алыптыр.
Аты кетип Карагул
Кырк жолдошун кырдырып,
Жылкыны жылма кылдырып,
Карагулдун сакалын,
Алкаранын куйругун
Мотоңдотуп жулдуруп,
Мына өшөнтүп Карагул
Борум болуп барыптыр.
Кабарда барбы ушул иш,
Катындын уулу абаңар
Сонун болуп барыптыр.
Кырымды бузуп, кылды түз,
Калчага катаал болду – деп,
Кылымда барбы ушул иш.
Жаңжалды жаман салбасак,
Жабыла каптап бурутту
Кыргын кылып салбасак,
Жети ай тынбай урушуп,
Жерин тартып бөлбөсөк,
Жергесин куру койбосок,
Жеткиленин сойбосок,
Жеткирдирбей тазалап,
Жети уулу Семетей
Өлүм кылып койбосок,
Кагыштын алдын албасак,
Тынччылык бербейт ылайым
Бул итти тындым кылып салбасак.
Керишип көрдүм, Семетей
Телегейи тең экен.
Атасы Манас канкордон
Артылта тууган шер экен.
Мунун сыягы суук, заары күч,
Бет алса кылат жанды түз.
Журтум, келгендерден кеп угам,
Кечээ каралуу калып Каныкей
Букарга качып барып Семетей
Тентип жүрүп зор болуп,
Жетим жүрүп чоңоюп,
Жетиминен жетилип,
Жергеге эптеп кошулуп,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Музду бузуп, жол кылып,
Букарды чаап кат кылып,
Ташты чаап жол кылып,
Далай жерди кор кылып,
Алты– Шаар*, Коконго
Артыкча азап салды дейт,
Жеткен жерге чуу кылып,
Чубактын кунун алды дейт.
Кара суука кан куюп,
Каарлуу баатыр болду дейт.
Кан Манастын ордуна
Букарга султан* болду дейт.
Өзөндүн баарын май кылып
Өчөшүнө тийгенди,
Өз атасы Жакыпты
Муну өлтүрүп жай кылып,
Көбөштү көргө киргизип,

www.bizdin.kg



Кырк чоросун кырды дейт.
Ак болотун майлаптыр,
Ачуусуна тийгенде
Атасы Манас иниси
Абыкени жайлаптыр.
Жакынынын баарысын
Жалмап чыкты деп уктум.
Кыйыгына тийгенин
Кылча койбой бирөөнү
Жайлап чыкты деп уктум.
Үстүнө түшө калбасак,
Күпүлдөп күчкө салбасак,
Керишти кенен кылбасак,
Кеңири алты ай салышып,
Калтырбай журтун кырбасак,
Какандап ураан чакырып,
Калтырбай кырып кыргызды
Кан Семетей баатырын
Өлтүрүп, күлүн сапырып,
Өрт өчкөндөй кылбасак,
Кайра айтар бирөө жок,
Андан кийин тынбасак.
Телегейи тең экен,
Ааламдан чыкпайт мындай шер,
Аябаган эр экен,
Ак маралды кубалап,
Уй кылуучу эр экен.
Ааламды талкалап,
Буй кылуучу неме экен.
Көк маралды кубалап,
Уй кылуучу неме экен,
Көрүнгөн жердин баарысын
Буй кылуучу неме экен.
Бул өрттөнгөн Семетей
Өзөндүү чалкар бел экен,
Беттешкендин баарысын
Түк калтырбай талкалап,
Кырып кетчү неме экен,
Баатырдыгы башкача
Бу балакет капырдын
Балбандыгы бир канча,
Каары келип какайса
Ар буурул оозун бургандай,
Каарланып бир салса
Бу кара жолтой Семетей
Тоону талкан кылгандай.
Толкуп кетсе кокустан
Тоо туруштук бергисиз,
Баатырдыгы, шердиги
Менде чыдап келгисиз,
Каарланып какайса,
Кара жолтой баатырга
Кан туруштук бергисиз.
Он сегиз миң ааламдын
Алпын жыйып каптатса,
Кагышып адам жеңгисиз,
Манастан өөдө туулган.
Адамга салат чуулган.
Журтум, кабарыңда бар бекен
Кең Бээжиндин баткалда,
Жылкыны тийип жатканда
Бул Алгара тулпардын
Күлүгүнө салгамын,
Астынан төрө баргамын
Касбан тоо оюнан,
Күркүлдөктүн Сары-Суу,
Сары-Суунун боюнан,
Адыр-күдүр баткалдан,
Канкордун уулу чунактын
Астынан тозуп жеткемин.
Жалгыз жапаа көргөмүн
Кечээ камыркөйдөй белестен
Алгара ат оозун бургамын,
Баатырлыгын, шерлигин
Ошондо сынап тургамын.
Сыртынан сынап олтурдум,
Сыныма мыктуу толтурдум,
Он эки мүчө тең экен,

www.bizdin.kg



О дүйнө кеткен Манастан
Айза сайым, төрт эли
Алда канча эр экен.
Баатырсынган дөөлөрүң
Бастырып айза сайбаган,
Керишип кийин албаган,
Он сегиз миң ааламда
Оңолбогон чунакка
Укуруk кайрар калбаган.
Бул кайратын көргөндө
Бет алып айза сая албай
Бет алышып бара албай
Астындагы Ар буурул
Аргып турган чочкого
Төрт аяктуу мал жетпес,
Төрө Манастын уулу чунакка
Алышкан менен ал жетпес,
Ар мүчөсүн бир көрүп,
Боконо сөөгүм болк этип,
Боктуу ичегим солк этип,
Ороюм чочуп баталбай,
Колумда болот очогор
Же калтылдатып аталбай,
Кан Коңурбай болгону,
Коңурбай атка конгону,
Жашым он экиге толгону,
Ордо бузуп, олжо алып,
Кан ичип жүрүп катыктым,
Канкор Калча атыктым.
Он төрткө жашым чыкканда
Ордо бузуп, олжо алдым,
Орчун журтка кол салдым,
Он бешке жашым келгенде
Көрүүгө салган там болуп,
Кечилге жакшы кан болдум.
Он алты жашка келгенде
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Арсландай тапталдым,
Көрүнгөн жоого капталдым.
Кармашпаган жоом жок,
Кан ичип журтка билиндим.
Коңурбай баатыр дедиртип,
Бээжиндин Кары канынын*
Даңзасыңа чийилдим.
Он жетиге келгенде
Көк болоттон айза алып,
Көк албарс кылыч байланып,
Кырк эшиктүү чоң Бээжин
Ал Бээжинге караган
Кырк кандын элин айдадым,
Кыйыгыма тийгенде
Кыйратып баарын жайладым.
Кырк кандын элин каратып,
Бак-Бурчун барып конгомун,
Луң-Туң, Дыңша, Бак-Бурчун
Мунун учмактуу* шаары Каканчын
Ошо Каканчын шаарын каматтым,
Калдайларын сабаттым.
Эчен бир түрлүү эр көрдүм,
Эчен бир кыйын шер көрдүм,
Алптардын баары алышып,
Бул Калчадан оңгон жок,
Алп-дөөнүн баарын карасам,
Жалгыз Семетейдей болгон жок.
Кап-Тоону* бузуп жол салдым,
Кап-Тоонун бери түбүндө
Маңкүбө журтка кол салдым.
Миздей көпкөк түзүндө
Өлбөгөн жерден калыштым.
Башында жалгыз көзү бар
Боз качырчан Маамытбек –
Маамытбек менен салыштым,
Алышса жанды койбогон
Бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон,
Чоң Малоон канын жайладым,
Боз качырчан Маамытбек

www.bizdin.kg



Эл кылып бери айдадым.
Маамытбек багып эл кылып,
Эрдигин журттан оздурдум,
Кабарыңда бар бекен
Манастын жолун тоздурдум.
Сары-Озон чалып жер кылдым,
Сазаң-Шаң менен Маңкүбө
Экөөнү бери каратып,
Бээжинге мыктуу эл кылдым,
Мына ошентип жүргөн чоң Калча
Калдайлар саа кеп кылдым,
Манастын уулу Семетей
Бөөдө өлтүрүп кетет деп,
Семетейден шек кылдым.
Дыңшанын бери четинен,
Ит-Өлбөс чөлдүн бетинен,
Манастын уулу Семетей
Жылкымды тийип алганда,
Бажыга* жыйган көп жылкы
Баарын айдап чубатып,
Бери көздөй салганда,
Алгара менен оргутуп,
Артынан жете барганда,
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз жолдун чубама,
Жолун тозо калганда
Очогор бараң түтөтүп,
Көкжалды так омуроого атып
салганда,
Ардай болгон Буурулдан
Арбайып аттан түшкөндө,
Төбөсүнөн басарда,
Өлтүрүп канын чачарда,
Курмандыкка чаларда,
Жол үстүнө сүйрөтүп
Даңгыттарга жарарда,
Чылгый балаа эр көрдүм
Бир аябаган шер көрдүм,
Опол-Тоодой кайыңды
Омура тартып салыптыр,
Аны чокмор кылыптыр,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көзду жумгуча,
Жебеден мурун жеткени,
Башымда темир туулга
Талкалай чаап кеткени.
Туулга кетти быркырап
Жаным кетти чыркырап,
Оой түшүп оңолдум,
Оозуман кара кан кетип,
Октос берип жоголдум.
Чочуп калган жерим бар,
Чокмору тийди жонума
Түп этектен аларда
Курмандыкка чаларда,
Алгара калды сообума,
Семетейдин багып алган кулу экен,
Качып кеткен Алмамбеттин уулу экен,
Тууганың душман болгону
Кудай урган кеп экен,
Төрөсүнөн Чоросу
Алда канча шер экен.
Ошо Күлчоро чочко жоголбойт,
Күлчоро тирүү турганда
Кытайдын иши оңолбойт.
Манастын кунун кууп албай,
Балдарын Кудай урабы.
Бээжинге баштап чыр салбай
Бакай кан карап турабы?
Бээжинге эми кол салса
Кармашкан калдай калбайсың,
Төбөңдөн кирип баспайбы,
Төрт түлүгүң чачпайбы,
Калдайың карып кылбайбы,
Журтуңду кырып салбайбы,
Мурунку кеткен Манастын
Момунтип кунун албайбы!

www.bizdin.kg



Бул өзөктөн күйгөн өрт жаман,
Билесиңби каканчы,
Өзүңдөн чыккан жат жаман,
Ала болгон уул жаман.
Ада кандын уулу эле
Мен да кандын уулу элем,
Ага-ининин баласы,
Алмамбет уулу Күлчоро
Ашкере уул бул жаман,
Абайла журтум муну да
Каарланып бакырып,
Чыр салбай Калча турбады,
Манжуусун бүтүн жыйнады,
Буюрду Калча бакырып,
Манжуусун түгөл чакырып.
Чабышпай Калча турбады,
Каарын төгүп бакырып,
Канча улугун чакырып,
Эрениңер, каныңар,
Эстеген журтум баарыңар,
Кайраты мыктуу шериңер,
Кызыталак бурутка
Кыргын кылып бериңер!
Ал кыргындын астында
Жекеге бирөөң чыгыңар,
Ырымыңар ошондой –
Кимиси келсе буругту
Өлтүрүп жерге тыгыңар.
Кыргынды кызык коюңар
Кыйласын кармап союңар»
Деп ошентип Коңурбай,
Чоң канжаны соргондо
Жылдыздап оту бөлүндү,
Жылас болгон чоң төрө
Кылча көрбөй каканды
Кыруучу түрү көрүндү.
Калдайлары катуулап,
Катуу дүрбөп калды эле
Кан ичери бек кармап,
Кана чыккын бирөөң деп,
Жана айкырык салды эле.
Калдайлардан чаң чыкты,
Кайратсыздан жан чыкты.
Каталдын уулу Карагул
Кара балаа мына бул,
Чылгый ичи өрт жанып,
Чыдай албай мына бул.
Тутанып өлгөн Карагул,
Туура балаа мына бул
Эң акылман, чоң зыйкыр
Ич кылайдан кем эмес,
Адам уулу кемитип,
Кордой берчү эр эмес,
Карагулдун акылы
Коңурбайдан кем эмес,
Бу Карагул баатырдын
Атагын көргөн чочуган.
Алда нече жылына
Ажайыптан окуган,
Карагул артык кул ошол,
Бек жадыгөй, чоң билгич
Кытайдан мыктуу уул ошол
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбай туура кеп тапкан,
Бакылдыгы дагы бар,
Айзалашып сайышса
Баатырлыгы дагы бар,
Далай жерге чуу салган
Эрендиги дагы бар,
Күн жаадырып, жай билет
Берендиги дагы бар.
Өзү айзакерден ыктуу кул,
Ар өнөрдү көп билген
Айласы толук мыктуу кул.
Билеги балбан, мойну жоон
Эрдиги журттан жөн эмес,
Кемитүүчү эр эмес,
Жылкычы каны Карагул –

www.bizdin.kg



Жылмайгыр жайы мына бул.
Кашатта дубал тамы бул,
Жылкычынын каны бул,
Жылмайган жайы мына бул.
Көп жыргаган жан болгон,
Аз болгондо Карагул,
Жылкы багып турганга
Элүү жылы кан болгон,
Кандыгын журтка билгизген,
Заара кылар чагында
Тутанып өлгөн чочкону
Жаш баладай сийгизген,
Жалпы кытай каканга
Кандыгын минтип билгизген
Кан кезинде бул кулга
Дегенине көнүүчү,
Арактан суусун берүүчү.
Карагулун жашарткан,
Төшөккө жатса доңузду,
Жылкычылар эт туурап,
Жаш баладай ашаткан.
Эң эле тулпар тору айгыр
Кумда туулуп, чөлдө өскөн,
Кулан менен куушуп,
Менде көрбөс жерде өскөн.
Ташка басса бийиктен
Тайгаланбай тоодо өскөн,
Кулан менен куушуп,
Жан жүрбөгөн тоодо өскөн.
Жашы асыйга келгенде
Темирден үртүк жаптырган,
Бээжиндеги кытайдын
Аярына бактырган.
Эки асый чыкма болгондо
Бээжин каны Эсен* кан,
Беренимд багып алгын деп,
Карагулга тапшырган.
Түндүкчүнүн Тору айгыр
Бу түгөнгөн каранды
Ошондон тартып алдырган.
Карагулдун Тору айгыр
Кабыргалуу казанат,
Айгыр жалдуу, бээ курсак
Караан калган жыластын
Бакбаягы бир кучак.
Булчуңу бука белиндей,
Басыгы сырттын желиндей,
Чаткаягы тайтайып,
Табылгылуу колоттой.
Маңдай тишин карасаң
Таптап койгон болоттой.
Көкүлдөгү чокусу
Дөңдө турган баладай,
Оорусуна карасаң
Кой жайлаган талаадай.
Жаадай учат Тору айгыр
Жадалдык жайы момундай.
Кутуруп өлгөн Карагул
Тору айгырдын жайына
Мурунтан эчак каныптыр,
Кутургур жайы мына бул,
Кум салынып алыптыр.
Шып койгондо Тору айгыр
Шыпырылып кетер деп,
Шыпырып салса артына
Ажалым бөөдө жетер деп,
Карагул чуу баштады.
Булуттай учкан Тору айгыр
Мурутка жеке чыгам деп,
Кумун алып таштады,
Тоодой болгон Тору айгыр
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Манжуу кармап мингизди,
Алтын жака, ок өтпөс,
Болот менен кайыган
Тиктеп турса тим эле
Адамдын көзү тайыган,
Борум-борум жерине

www.bizdin.kg



Болоттон чырмап сологон,
Тоок көздөн салдырып,
Топчусун көөхар орогон.
Тонду жасап турганда
Чет-Бээжиндин казына
Арбыныраак корогон,
Айза сайса мадаган.
Алалбай душман жадаган,
Ач болоттон бөрк кылып,
Орто белден кадаган,
Этеги темир, жеңи жез,
Караң калган жыластын
Калыңдыгы жарым кез.
Тоок көзү шыбырап,
Торгой көзү кыбырап,
Бөлөк-бөлөк жерине
Адамдын мээрин кандырган,
Айза тийсе кесер деп,
Болоттон курчту салдырган,
Топчусун тогуз бап кылган,
Тоодой болгон Карагулга чак кылган.
Көөхардан топчу муштумдай,
Көрсөң түрү ушундай,
Чылгый балаа Карагул
Чыдай албайт мына бул.
Жекеге чыкты Карагул
Жетиктиги мына бул,
Уңгусу болот, учу курч
Учуна тарткан кара курч,
Бөрү тилдеп курч тартып,
Учун бөлөк кырдырган,
Кысталыша келгенде
Кылыч кесип кетет деп,
Чылгый жезден чырмаган,
Бил терисин каптаган,
Сайышка кирсе алсын деп,
Карагулга чактаган,
Чынмачынга чын уста
Өзүн көргөн Дөөтүкер,
Учун ошол таптаган.
Карагул жайы мына бул,
Жетик айза колго алып,
Жекеге чыкты мына бул.
Тозоңун тоодой уратып,
Тозокуну карасаң
Тору айгыр менен чуратып,
Майданга чыкты Карагул
Башкача мытаам мына бул.
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күчтүү экен Карагул –
Эми Карагул сыны мына бул.
Эми кутурган кулду карап тур –
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар.
Бээжинге мыктуу баркы бар,
Белгилүү берен каркыбар.
Карагул жайы ушундай.
Карагул чыкты жекеге,
Ажал жетсе өлөм деп,
Эрени чыкса кыргыздын
Каканчыга олжо кылып берем деп,
Бу кутурган кыргыздын
Кыйындарын кыйратып,
Кыйырлуу журтун өрттөйм деп,
Кыйын балбан Карагул
Жекеге чыкты мына бул,
Артык балбан, чоң ыкчыл,
Аябаган чоң мыктуу
Отогот кийген кандары
Кулга кылды кошомат,
Колдо турган кандары.
Думпүлдөгүн урду эле,
Катар туруп сырдатып,
Жезнай үнүн чалды эле.
Калың балбан чуркурап,
Кошомат уруп калды эле.
Каталдын уулу Карагул –
Карасаң сыны мына бул.

www.bizdin.kg



Карагайдай айза алып,
Катуу мыктуу эр неме
Жанына үйдөй чокмор байланып.
Түрү бөлөк бөлүнүп,
Түгөнгөн эрдин өзү экен,
Азганакай кыргызды
Түгөтчүдөй көрүнүп,
Ачка жолборс баштанып,
Түлөгөн жору каштанып,
Таш кашаттуу чоң майдан
Талыкпас баатыр Карагул,
Талканга чыгып турду эле,
Чоң кашаттуу белеске
Чоң айгырын ойнотуп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көрсөң мындай Карагул
Көк сеңирдей көрүнүп.
Каарланып бакырып,
Калтырбай кырып кетчүдөй,
«Кел! Бурут» – деп, чакырып,
Көргөндүн баарын шаштырып.
Бул өрттөнгөн Тору айгыр
Ошондо турду Карагул
Уйгу-туйгу бастырып,
Каарланып күпүлдөп,
Кайран кулдун каарынан
Жер солкулдайт дүпүлдөп,
Атаңдын көрү бурут деп,
Бириң калбай миңиң кел,
Бүгүн менден көрдүң деп,
Алсызың калып, эриң кел,
Алышка даңгыл шериң кел.
Кутуруп барып жылкы алдың
Бүгүн менден көрдүңөр.
Каарым келди какайдым,
Катуу тийдиң жиниме.
Бүгүн кандабай койбойм бириңди
Майданга чыкты Карагул,
Байкасаң тозок мына бул.
Карагул чыгып турганда
Каарды катуу кылганда
Журт чуркурап камалып,
Үрбөп-дүрбөп топтошуп,
Журт чуу туруп турду эле.
Туу кармаган зор Бакай,
Кыргыз, кытай урушуп
Бөлгөн Бакай карыя,
Ар балакет, тозокту
Көргөн Бакай карыя.
Бу дүйнөдө сөзү ачык,
Көрөгөч Бакай көзү ачык.
Атка сынчы эр билгич
Арслан Бакай кабылан,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк ала калкан ойногон,
Баатырга башын бөлөгөн,
Аягын сан алтынга жөлөгөн,
Калдайды бузуп кат алган,
Өзү канкор Бакай атанган.
Эренди сынап жөн жүргөн,
Өзү жетимиш бурку тил билген.
Тилге чечен, кепке уста,
Кайран Бакай абаңдын
Баатырлыгы дагы бар,
Караңгы түндө көз тапкыч,
Капыяда сөз тапкыч
Абакең Бакай карынын
Акундугу дагы бар,
Ааламды буй кылган,
Абаң Бакай көкжалдын
Баатырдыгы дагы бар,
Кайраты дайра, заары күч,
Карыса сан кол Бакайдан
Кагышчу болсоң күдөр үз.
Жоого кирсе жеттеген,
Жолуккан жоосун өрттөгөн,
Алты ай тынбай алышка
Көк ала калкан ойногон,

www.bizdin.kg



Көкжалың Бакай кыраандан
Бет алган душман сойлогон,
Эрди сайса ким сайган
Арбагы калган Таласка,
Аты калган эмеспи
Айтылуу көкжал Манаска,
Картайганда Бакайдын
Эрдигин эми сыначы,
Кабылан өткөн Манастын
Кайран Бакай кыраанын
Так оң колдой мураасы,
Казатка кирсе четтеген,
Байкасаң Бакай ушундай
Кагышкан жоону өрттөгөн,
Астыга салса ак жолтой
Арт жакта жүрсө сан колдой,
Ак жолтой Бакай карыя,
Атасы Манас мураасы
Буда белекке калган олуя,
Акырын сүйлөп бек таштап,
Карагулду көргөндө
Каткырып күлүп, кеп баштап:
«Аргын, кыргыз кайран журт,
Кулак угуп, көз көрбөс,
Бу кудай урган Бээжин журт,
Мунун көптүгүн көрсөң кара курт,
Алты айчылык алыс жол
Чала жүргөн жол эле,
Адыр-күдүр сайышып,
Атаңды көрү кытайды
Арслан Манас барында
Ала жүргөн кол эле.
Карагул чыкты жекеге,
Кудайдын кылган иши эле,
Кыраандар турса кыйкырып,
Карагул кайсы киши эле?
Өзү Катаал уулу эле.
Ат кармарга жарабас
Калтылдаган кул эле.
Дүмөктү Бакай салчу эле.
Бул өңдөнгөн кытайдын
Сексенин Бакай сайчу эле.
Ак тулпар эдим арыдым,
Арсланым деп көп ыйлап,
Атаңдын көрү, куу дүйнө,
Арбастан мурун карыдым.
Кээ чуңкурун жаш басып,
Көкүрөктү дарт басып,
Муунум кетип шалдырап,
Эки көзум жалдырап,
Көөдөнүм толук мас кезде,
Кең көкүрөк, таш кайрат
Курган жан келберсиген жаш кезде,
Көкжал Бакай дээр эле,
Теңтушум Манас барында
Телегейим тең эле.
Атагы оор чоң казат
Алышып кытай келгенде,
Качуучу жолун какандын
Бүтөгөн Бакай мен элем.
Алты ай тынбай салышса,
Күчөгөн Бакай мен элем.
Дөө, алпынын курсагын
Жекеге чыкса курган жан
Чубаган Бакай мен элем,
Жекене белге курчанып,
Жети билек кытайга
Жеке аралап кол салып,
Кандуу кылыч Зулпукор
Кынаган Бакай мен элем,
Алты ай тынбай алышса,
Чыдаган Бакай мен элем.
Кыяматтын кыстоосун
Ошондо көрбөй не болдум,
Кыйыным окко учканда
Ошондо өлбөй не болдум.
Бээжиндин берки бетинде
Өлбөгөндөн калышып,

www.bizdin.kg



Токтобой алты ай салышып,
Чуулап бир кез турчу элем.
Чоң-Бээжиндин жээгинде,
Кырк күнчүлүк чөлүндө,
Жан өтпөгөн кысыкта,
Мээ кайнаган ысыкта,
Бок жыттанган сасыкта,
Туяк күйгөн салаада,
Мээ кайнаган талаада,
Жан жүрбөгөн балаада,
Кыйкырыгым таш жарып,
Жоо дегенде аянбай
Кара түпөк айзамды
Жоону көздөй бет алып,
Кынаган Бакай мен элем.
Кыргыз, кытай кагышса,
Кызыр чалган Манастын
Кызматына туу болуп,
Чыдаган Бакай мен элем,
Туу түбүндө туу элем,
Бел алган жоого айза алсам
Кытайга кыргын чуу элем.
Кызыр чалган Манаска
Мурапы болгон туу элем,
Эй, бүгүн көргөн эртең жок,
Элестеп көзгө көрүнүп,
Ушундай окшойт дүйнө бок.
Башындагы суусар бөрк –
Кимдер ыргап кийбеген,
Дөөлөтү башта барында –
Ким дүркүрөп жүрбөгөн.
Бакай канды көргөндө
Карагул турмак Коңурбай
Бээжиндин каны дүрбөгөн.
Белгилүү элем, шер да элем,
Берен Бакай мен элем.
Айтканым ушул билип ал,
Арслан балдар тилимди ал,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түгөнгүс кытай эли ушул,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өкүм кытай эл ушул.
Уруусу калың улуу журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт
Кирип берсең жолуна,
Кызыталак кытайдын
Түшүп калсак колуна,
Кыйратып журтту кыруучу
Кыргыздан тийсе аяйбы,
Өз билгенин кылуучу.
Баштыктын баарын кырбайбы,
Баары-жокту кыйратып,
Балдарды олжо кылбайбы,
Өзү тийген кытайга
Өткөрө алты ай салышып.
Айза муштап, топ бузуп,
Күн түгөнсө, окко учуп,
Күрөштү мыктап салалы
Кымбат Бакай карысы
Кыргын тийген эмедей,
Кырылат ко баарысы
Атка минер ыктуудан,
Айласы толук мыктуулар
Кыргыздын журту кожоңдоп,
Кытайдан качып калбайлы.
Кыргын болуп бул жолдо,
Жан соогалап жалпылдап,
Жалгыз жан тирүү калбайлы.
Тирик эмес өлүкпүз,
Чын зордукчу кытайдан
Өлөлүк деп келиппиз.
Кызырлуу журттун карысы,
Кыстап кытай келген соң
Кырылып кетсин баарысы.
Журтум, атым жалгыз дегендин,
Антип шылтоо кылгандын
Куйтулуңдап жөн эле
Кудай уруп тургандын,

www.bizdin.kg



Атын акмак койгула,
Атын кармап сойгула.
Өзүм жалгыз дегенди
Өзүн акмак дегиле,
Калайык көөнүн айнытпай
Өзүн союп жегиле.
Бул Алөөкөнүн Коңурбай
Атасы Манас кайсаган,
Ата кектүү доңуз ай
Атайы түмөн кол айдап,
Көк темирдей куралып,
Көрүшкөнү келиптир.
Көрүнөө жаңжал чыр кылып.
Тутанып өлгөн бул капыр
Өлүшкөнү келиптир,
Балдар, тулпар оозун буралы,
Турбастан алты ай салышып,
Так каканга чейин кубалы.
Ала жүргөн кол эле
Бере жүргөн билеги
Айлап-жылдап салышып,
Так Бээжинге чейин сүрөлү.
Өлбөгөндөн калышып,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Айлап жылдап салышып,
Өлбөгөн жерден калышып,
Кызырдуу баш барында
Кыргызды кантип берели,
Кызыккан окшойт бул кытай
Кырылышып көрөлү!
Деп, өшөнтүп, зор Бакай
Каарланып сүйлөдү,
Калбай кыргын болгун деп,
Багынганча кытайга.
Калайыкты күүлөдү,
Арсландай көзү жайнады,
Картайса да Бакай кан
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Бөлөк эр Бакай абакең
Бөлө-бөлө чайнады.
Каарды катуу баштады,
Кайратынан Бакайдын
Көл чайпалып, тоо толкуп,
Мунарык түшүп, жер үстү
Бузулуп кете таштады,
Каарланып, бакырып,
«Чубак уулу Канчоро,
Кайдасың?» – деп чакырып.
Канчоронун миңгени
Кабарында бар бекен
Көбөш кандын Көктелки,
Чалгын чалса чарчабас,
Орукка кирсе оорунбас,
Оңжоңдотуп каранды
Ороюн көргөн чочуду.
Булгаары тердик, ак каңкы
Бул Телкиге токуду.
Берен өткөн Манастан
Белекке калган суп чепкен,
Бет алганда эрендер
Канчорого кийгизди.
Асмандан түшкөн ак кисе
Канчорого курчады.
Кечээ, айкөл Манас барында,
Бек-Жортулдун жеринен,
Медиандын чөлүнөн,
Касиеттүү булактын
Так ылдыйкы жээгинен
Кайыбынан кабылган,
Кызыр чалган Манаска
Ай талаадан табылган,
Кылычтын кылдуу мыктуусу,
Кыйла курчтуу ыктуусу,
Чеберге салса өрт кеткен,
Шилтегенде бүрт кеткен,
Кынынан суурса кызарган,

www.bizdin.kg



Кыйкырган жоого шилтесе,
Кызыгыша келгенде
Алты кулач узарган.
Кыйкырып кындан суурганда
Кан ичпей куруу жүрбөгөн,
Канга мыктап тойбосо,
Катса кынга кирбеген.
Каарланса баш кесер,
Шилтеп ийсе таш кесер.
Болоттугу көрүнгөн,
Каарланып канкор шер
Тоодой ташты бир салса,
Ортосунан бөлүнгөн,
Бет алышкан душманга
Суурса каны төгүлгөн.
Кылычтын эң бир мыктуусу,
Манас алган Зулпукор
Семетейдин колунда,
Бакай алган Жойболот
Дал өзүнүн колунда.
Ажыбай алган Ойкума
Сары кандын колунда,
Алмамбет алган Ач албарс
Күлчоронун колунда.
Чубак алган Жойкума
Канчоронун колунда,
Сыргак алган Аркескен
Бөлөкбайдын колунда.
Мурунку өткөн кыраандан
Мураага калган алты курч,
Аянып эрлер калбады.
Атаңдан калган мураа деп,
Канчорого байлады.
Чубактын уулу Чорону
Бет алышып келүүгө
Карагулга шайлады.
Карагулга барат деп
Калайык антип турганда,
Чубак уулу Канчоро
Канкорлугу кармады.
Ич этинен кийгизген
Каныкей кылган ок өтпөс
Как киндиктин башында,
Камынып кийип сүйүнүп,
Эсеби жок жинди кул
Кашкая күлүп сүйүнүп,
Эликтей чуркап түйүлүп,
Баатырдыгы болжолсуз,
Жекеге азыр баруута,
Карагул түгүл каканга
Калайманды салууга,
Ажал жетсе өлүүгө,
Атасы Чубак көкжалдын
Кунун кууй берүүгө,
Жекеге чыккан Карагул
Бир сайышып көрүүгө.
Карагул түгүл улугу
Калчага жоop берүүгө,
Кайран жанды аябай,
Чубак уулу Канчоро
Өөдө-ылдыйын карабай,
Эрендиги ушундай
Өлөмүн деп санабай.
Тегерете карабай,
Теги өлөм деп көкжалдын
Азапты артык каалабай
Манастан калган суп чепкен,
Эриши болот, эни алтын,
Эптүү катын Каныкей
Эптеп кылган суп чепкен,
Силкпей жонго кийди эле,
Атасынын болотун*
Кынсыз белге чалды эле,
Ажыбай кандын чорт бараң
Ай далыга илди эле,
Көпкөк темир туулга
Көтөрүп башка кийди эле.
Жоо жагына камынып,

www.bizdin.kg



Жоголгон Чубак көкжалдын
Арбагына жалынып,
А дүйнө кеткен Манастын
Арбайына жалынып,
Санаасы сандап бөлүнүп,
Сандыргалуу Чоронун
Кан иччү түрү көрүнүп.
Эрте сөзү кеч болуп,
Каталдын Карагулуна
Бир кезигип көрсөм деп,
Жан аябай сайышып,
Жазасын колго берсем деп,
Көк чопкут тонду үзүшүп,
Көк букадай сүзүшүп,
Көп жаңжал – чууну салсам деп,
Көкжал Чубак атамдын
Ушунтип өчүн алсам деп,
Маңдайлашып турушуп,
Кулак жулкуп баш кесип,
Кулжуңдашып урушуп,
Камаган кытай каканчы
Кайраты канча билсем деп,
Казатка келген Калчасын
Каканга чейин сүрсөм деп.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлүгүн жок кылып,
Күндөп-түндөп салышып,
Чоң-Дуңша айдап кирсем деп,
Чогуусу менен кытайды
Лаачын тийген эмедей
Бээжинге чейин сүрсөм деп,
Бейли кара кытайдын
Эрдик түрүн билсем деп,
Эрикпей алты ай салышып,
Эзилише кирсем деп,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушуп,
Тулпар басса чаң чыгып,
Айза урган жерден кан чыгып,
Айгайлашып салышып,
Моюнга түшсө көрүшүп,
Кырылышып өлүшүп,
Кыстоону кызык салбасам,
Кыямат кеткен Чубактын
Ушунтип өчүн албасам,
Эрен болбой өлөйүн,
Бекерге тирүү жүргөнчө
Туубай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!»
Кагышка балдар киргенде
Качырып жоого тийер деп
Денеге айза кирер деп,
Кан төгүлүп кетер деп,
Ал-кубаты кетер деп,
Ал өңдөнгөн жумушту
Кылбай койсом бекер деп,
Ойлоп энең жасаган
Кабыргада себилди,
Ок өтпөй турган темирди.
Омуроо, жүрөк өзүнө
Алып келип бурдурган,
Ар кайсыга өлчөлөп,
Өз колу менен кылдырган.
Айза кирер тешик жок,
Асемдетип кийгизип,
Көбөш кандын көк Борчук
Оңжондогон караңга
Канчорону миңгизип,
Семетей менен Бакай кан
Сары кан үчөө күйүнүп,
Жекеге чыкты Канчоро,
Кайнына барчу немедей
Кашкая күлүп сүйүнүп.
Оозунан жалын төгүлүп,
Ошондой сүрдүү көрүнүп.
Көк өтүк бутта барбайып,
Чоң найза колдо дардайып,

www.bizdin.kg



Себилди тону сексен төрт,
Серпишке минчү Чоронун
Серп алган жагы кызыл өрт,
Ажыдаар – акжылан
Азыр соруп ийчүдөй,
Колдогону Чоронун
Араандай оозун ачыптыр,
Алп кара куш – зумурук
Азыр эңип кетчүдөй,
Төбөсүнөн баланын
Күркүрөп бутун сунуптур,
Кара башыл ак буура
Качырып сала берчүдөй,
Калжаң уруп астына
Караан болуп туруптур.
Оң жагында сур жолборс
Оозун ачып араандай
Жолдош болуп туруптур,
Толуп жаткан жолдошу
Толкуп караан болуптур.
Муну көрүп Карагул
Бир чымындай жанынан
Күдөрүн үзүп коюптур.
Кызырлуу шердин тукуму
Кыргыздан чыкты аттанып,
Кымбаты Бакай, Сары кан,
Семетейден бата алып,
Майданды көздөй аттанып,
Атасы Чубак арсландан
Анык туулган Канчоро
Кынсыз кылыч салынып,
Кытайды көздөй камынып.
Эки жагын каранып,
Эсеби жок шер чиркин
Эрди-мурдун жаланып.
Кабарында бар бекен,
Бөрк ал десе, баш кесет,
Бөтөнчө кулдун бири ошол.
Суу ич десе, уу ичет,
Өткөрө уулдун бири ошол.
Кан төк десе, жин төккөн
Кайраты артык эр ошол.
Кичине бала кезинде
Эр Семетей чоң көкжал
Тоюна токсон сойдурган,
Экөө бирдей болсун деп,
Атын уйкаш койдурган.
Жүрөгү майлуу болсун деп,
Казы-карта жедирген,
Чын бир тууган болууга
Энеси Каныкейдин эмчегин
Тең бөлдүрүп эмизген.
Аргын, кыргыз, огойго
Качан балан дедирген,
Мойнуна тумар тактырган
Эрдигин эл-журт жактырган,
Эгиз бала дедиртип,
Эркелете бактырган.
Канча жерден кат алган,
Кан Бакайдан бата алган.
Адамдан артык эр чыгып,
Зайыпбуруш атанган
Канчоро менен Күлчоро
Башында көкжал каны бар.
Опсолоң эрен эки кул
Он сегиз миң ааламды
Талкандай чалар алы бар.
Жыргал десе күйүнгөн,
Жаңжал десе сүйүнгөн,
Энесин эл деп эмизген,
Күлчоро эмген оң эмчек,
Аппак, адал сүт чыккан,
Канчоро эмген сол эмчек,
Кара кочкул кан чыккан.
Билгич энең Каныкей
Арага эчен кеп койгон,
Аман жүрсө Канчороң
Өзүңө өлчөп, ок атып,

www.bizdin.kg



Ойрон салар деп койгон.
Энеси айткан сөзүнө
Эгерде көкжал көнбөгөн,
А дүйнө кеткен Чубактын
Арбагын сыйлап Семетей
Өлүмгө асти бербеген.
Экөөнү таап алганда
Адамдан бөлөк ой кылган
Аалам журтту чакырып,
Алтымыш күнү той кылган.
Орус тоюн жеп кеткен.
Бет алышкан душманды
Ойрондун эки иниси
Он сегиз миң ааламды
Ойрон кылар деп кеткен.
Балдардын кылган тоюнда
Кытай тоюн жеп кеткен,
Аман жүрсө балдары
Кылымга татыр деп кеткен.
Ойрондун опсуз бата алып,
Жекеге чыгып барууга,
Ойронду опсуз салууга,
Кытайдан кегин алууга,
Чоң майданга баруyга
Каталдын уулу Карагул
Кара жолтой эр менен
Бир беттешип калууга,
Ажал жетсе өлүүгө,
Чамасы жетсе ал кулду
Кызык кылып келүүгө,
Кылычтап башын алууга,
Кагыштын жайы ушундай
Кармашты катуу салууга,
Карагул тийсе колуна
Кылычтап башын алууга.
Ажал жетсе өлүүгө,
Алты ай тынбай салышып,
Абасы көкжал төрөгө
Караан болуп берүүгө,
Кайран Чоро аттанып,
Жери дөбө, таш майдан
Жекеге чыга келди эле.
Жекеге Чоро чыкканын
Манжуу каны Эзкара
Баарыдан сынчы кан экен,
Ал Эзкара көрдү эле,
Көрүп алып Эзкара
Көп кайгырып турду эле.
Көргөн жерден Эзкара
Сүйлөбөй карап турабы,
Эр Эзкара сынады
Бала жолборс Чорону
Эзкара көрүп бакырып,
Эр Дуңшаны чакырды:
«Жекеге чыкты буруттан,
Куураган бурут журуттан.
Көрсөм көңүл бөлүнөт,
Сөлөкөтү – сөлбөтү,
Атка минген келбети
Капчал бузуп жол салган
Азар түмөн кол келсе,
Аралап жеке кол салган,
Чуулгандуу көйкашка
Келбети журттан эң башка,
Ок өтпөгөн тон кийген,
Ок жетпеген ат миңген,
Маңдайга чыккан бараанын
Байкап турсам караанын
Боконо сөөгүм болкулдайт,
Бокту ичегим солкулдайт.
Акылым айран таң калып,
Көңүлүм жаман бөлүнөт.
Тутанып кеткен буруттан
Туурага чыккан ушул жан
Тутанып кеткен кызыталак
Чубактай сыны көрүнөт.
Калдайды байлап сабаткан,
Какандын журтун караткан,

www.bizdin.kg



Чубактай түрү көрүнөт.
Же Чубактын жээни бейм,
Же Чубактын тайы бейм,
Бул Карагул баатырга
Кыргынды кызык салат бейм,
Өрттөнүп өлгөн бул бурут
Өлтүрүп башын алат бейм!
Мурунуна муруну
Мурунку өткөн Чубакка
Булгап койгон немедей,
Баш териге баш тери
Баягы өткөн Чубакка
Баптап койгон немедей.
Чын Чубактын уулу бейм,
Караган кара көзү экен,
Как Чубактын өзү экен.
Атасы Чубак эр эле,
Жан жаралып Чубактай
Жакында болбойт деди эле.
Кечээ, Чет-Бээжиндин коргондо,
Күнү-түнү чоң согуш
Катуу кыргын болгондо,
Кыргынды Чубак салды эле,
Кылча көрбөй кытайды
Кыргынды жаман салды эле.
Четки-Бээжин Баткалда,
Журт кырылып жатканда
Калдайдан эчен кан өлүп,
Кагышкан жандын баары өлүп,
Качыр миңген жөө өлүп,
Ат көтөргүс дөө өлүп,
Топурак учуп, тоз күйүп,
Тозоктуу мүшкүл иш болуп,
Улугу канкор кан болуп,
Урушкан мынча жан болуп,
Эрендердин баарысы
Бет алышып турушуп,
Бээжинди камап киргенде
Беш ай тынбай урушуп.
Ошондо Акбалтайдын Чубагы
Ач айкырык, куу сүрөөн
Ала кылыч, курч найза
Көк ала тулпар ат миңген,
Көпкөк желек туу алган,
Көрүп адам турбаган.
Сары сурдун ыктуусу,
Кырк жөөкөрдүн мыктуусу,
Кыраам мурут куу Чубак
Кыргынды кызык салды эле,
Мен Эзкара жанында
Баары балбан, сан калдай
Жалгыз Чубак жеке өзү
Такыр кырып салды эле.
Бээжинге чеге кырк төрө
Эзкара мени баш кылып,
Тирүү байлап алды эле.
Коржойгон Манас канкорго
Атка жүктөп, ал Чубак
Тартуу кылып барды эле,
Кылыч дагы Зулпукор
Кыйыны Манас чоң канкор
Зулпукорлоп кырам деп,
Суук айбатын салганда
Айтар журтум, кебим бар
Чубак, Манас экөөнөн,
Ажыбай, Бакай төртөөнөн
Артык чочуп чунак жан,
Сийип койгон жерим бар.
Дийдары суук, заары күч,
Жекеге чыккан бул адам
Көрсө Чубак өзү экен.
Каалап билип карасам,
Эр кайратын кааласам
Көңүл чөгүп бөлүнөт,
А дүйнө кеткен Чубактын
Дал өзүндөй көрүнөт.
Бу Чубактын уулу экен
Жекеге чыкты оң кылбайт,

www.bizdin.kg



Жеке Карагул эмес,
Жети миңин каптасаң
Жеке кырат соо кылбайт.
Алты миң кытай, сан калдай,
Сазаң-Шаңдын чоң далдай
Атакең Мады эр эле.
Кечээ, каканчылап кагышта
Кыргыз кытай кабылып,
Карсылдашкан салышта
Эрдиги эпсиз шер эле,
Атасы Чубак эр эле.
Кыргын кылып баарыңды,
Жеке Карагул эмес,
Журтум, талкан кылат баарыңды.
Айтканым ушул билип ал,
Абайлап журтум, тилимди ал.
Мунун балбандыгы башкача
Желиге чыгып жекеге
Карагулга жетпесин,
Жетип сайып кокустан
Көмө коюп өтпөсүн.
Кыргыздын көөнү тынбасын,
Кытайдын эли сынбасын,
Деген сөзгө көнгүлө,
Мады кандын эрени
Алышты арбын салгыла
Айгайлаган чуу болсо
Эр Карагул баатырды
Ажыратып алгыла.
Кармашты катуу салгыла,
Айза сайып, балта чаап,
Ал Карагул баатырды
Ажыратып калгыла.
Карагулга жетерде,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлөк ок атып,
Кыйкырып кылыч алгыла,
Кызыталак бурутка
Кыйкырыкты салгыла,
Дагдыр жетсе өлгүлө,
Эр Карагул баатырга
Караан болуп бергиле,
Чал мурутту даң кылып
Туш-тушунан киргиле
Чокмор чапчу камбылың,
Урушка мыктуу даңгылың,
Чыма-чымдуу карыңар,
Чындап каптап барыңар,
Чымындай жанды аябай
Чын буйругум ушундай,
Кырылып кет барыңар.
Кайраты толук шериңер,
Кара мылтык карс этсе
Качпай турган эриңер,
Чогоол мылтык чорт этсе
Чочуп кетпес шериңер,
Буйругум ушул билиңер.
Кызыталак бурутка
Бура тартпай кириңер,
Ушу турган Карагул
Кыйла кымбат карыңар.
Бул Карагул эр үчүн
Кыргын тийген эмедей,
Кыйрагыла баарыңар.
Жекеге чыккан буруттун
Кайраты канча көрүңөр,
Кабылып калса колуңа
Жөн эле каяшаяк айтпастан,
Кармап канын төгүңөр,
Кабыргасын бөлүңөр.
Кулжуңдаган бурутту
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарыңар.
Ичинен чыккан кара кан
Жөн эле кымызча жута салыңар.
Кыжылдаган кытай журт,
Кыйла өчтү минтип алыңар,
Бу да кыйын эрдин тукуму

www.bizdin.kg



Тындым кыла салыңар.
Аянбастан, ай журтум,
Мына Карагул баатырга
Такоол боло калыңар».
Эзкара мындай деген соң,
Тил албай турган жан барбы.
Чоң майдандын түбүндө
Коңгуроо бекем кагылып,
Койбоочудай барбактап,
Эр Карагул баатырга
Такоол болду жабылып,
Кайнап жаткан көп улук.
Айзаны кармай калышып,
Адырандап кээ бирөө
Атышты эске алышып,
Сандап аткан сан калдай
Сапырылган балбаны
Эзкара айткан кебине
Макул болуп эл-журту
Эр Карагул баатырга
Такоол болуп калганы,
Болуп жаткан чоң дүмөк –
Таласты камап алган деп,
Коңурбайдын жаңжалы.
Мына ошондо Канчоро.
Көпкөк темир тон кийип,
Көк тулпар тандап ат минип
Кара түпөк айза алып,
Жанына кандуу кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Камданып чыкты жекеге.
Каза* жетсе өлүүгө,
Каталдын уулу Карагул
Тирүү турса Канчоро,
Кармалашып көрүүгө,
Калың кыргыз журту үчүн
Курман болуп берүүгө,
Жоо-жарагын байланып,
Дагдыр жетсе өлүүгө,
Каталдын уулу Карагул
Жекеге чыккан кул* менен
Кармалашып көрүүгө,
Каалап чыкты Чорону.
Мына ошондо Сары кан,
Асмандан туман бүркөлүп,
Башына алтымыш мүшкүл
бир келип,
Санаасы жаман бөлүнүп,
«Башта казатка* кирбес жан эле,
Капырай, жаштоо бала эле,
Ата, көлпүлдөгөн ойрондун
Аз гана көпкөндүгү бар эле,
Кытайың жабыла айза салабы,
Жалгыз калып кокустан,
Ажалы* жетип окустан
Канчором өлүп калабы?
Деп өшөнтүп, Сары кан
Чубактан жалгыз чунакка
Караан болуп берейин» –
Деп, өшөнтүп, Сары кан
Туучунагын туйлатып,
Кагышка ыктуу эр алып,
Аргын менен кыргыздан
Алтымыш балбан, шер* алып,
Куралып турган аз колду
Чубатууга салды эле.
Баатырдыгы келгенден,
Жазбай аткан мергенден
Бөлөкбайды баш кылып,
Алтымыш канча мергенди
Каптап кетсе кытайды
Кагышып кайра тозсун деп,
Адырга кое салды эле.
Каптачу жерин Калчанын
Сары кан уруп, кеп кылып,
Кең Таласты чеп кылып,
Балбандар тозуп алды эле

www.bizdin.kg



Мына ошондо Сары кан
Байыркы кептен салды эле:
«Айланайын Канчоро,
Каталдын уулу капырга*
Кан Карагул баатырга,
Алдырып койсоң жаманат,
Аңкоо, көөсөр* бала элең
Айланайын Канчоро
Бир Кудайга* аманат*.
Жылкыдан тандап берелик,
Сүйгөн тулпар* малыңды ал!
Аздык кылса азыгың
Карыганда Бакай кан,
Карыганда Сары кан
Мунун көөкөргө куюп канын ал,
Түнөрүп жаткан сан колго
Түз кирип айза сунуп бер,
Түйшүктү көрчү аз журтту
Түнөрүп жаткан кытайдан
Балам ай, түшүнсөң азат кылып бер!
Карарып жаткан сан кытай
Качырып айза сунуп бер,
Каары күчтүү калмактан
Азганакай кыргызың –
Элиңди азат кылып бер,
Желиккенден токтобой,
Жекеге казат баштапсыз.
Жетимиш катык, тул жеңе
Жергеңди карак таштапсыз.
Балам, сайыштан болсун сапарың,
Сенин кармашкан жооң түз болсун,
Сайганың туура сан болсун,
Белгилүү Кытай душманга
Уулум, бет алган жериң кан болсун.
Сайышкан колуң түз болсун,
Кыянаттык мендеге
Кулунум, унуткусуз иш болсун.
Балам, сайганың туура сан болсун,
Сапарга кеткен жолборсум,
Алышса адамдын алы жетпеген,
Арсландын* тиши өтпөгөн,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Аалам* журттун чырагы,
Акбалтай кандын Чубагы,
Атаңдын арбагы* балам, колдосун!
Кытайдан кырсык болбосун,
Кыямат* кеткен кыраандар
Кыркы баары колдосун!
Жанга өлчөлүү жалгыз ат,
Жаш бала минип баратат,
Жараткан* өзүң колдой көр.
Бир Кудай, сага аманат!
Калдайдын уулу капырдын,
Кан* Коңурбай баатырдын*
Каарына барасыз,
Айзаны түздөп алагөр
Жаңжалды жакшы салагөр»,
Деп, өшөнтүп Сары кан,
Бакай баштап эки кан
Дуба* кылып чуркурап,
Алакан ачып, кол жайып,
Ашкере дуба кылышып,
А дүйнө кеткен эрендин,
Айкөл Манас берендин
Арбагына* арынап,
Артык эрлер турду эле.
Ал аңгыча болгон жок,
Манастын уулу эр төрөң
Ааламды буй кылган
Атасы султан*, шер* төрөң
Кабарыңда бар бекен,
Ак марал айдап уй кылган,
Атышкан жерди буй кылган,
Көк марал айдап уй кылган,
Көрүнгөн жерди буй кылган
Түп атасы Түгөл кан –
Түбүнөн Кыдыр* даарыган.
Дүмбөкүнүн* тукуму.

www.bizdin.kg



Башкы атасы баары кан
Башынан Кыдыр даарыган.
Атасы Манас айкөлдү*
Омбуну чаап олжо* алган,
Ортосун бузуп жол салган,
Ташты чаап жол кылган,
Далай жерди эл кылган.
Кашкарды чаап кент*  кылган,
Канча жерди мерт кылган.
Сомбуктун суусун бойлогон,
Согушкан душман сойлогон,
Жана атасы Огойдур,
Огой кайдан оңойдур.
Мунун башкы атасы Бөйөн кан
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан тараган
Чаян тууган Огой кан.
Огой кандан Кара кан,
Кара кандын тушунда
Каптан кирип көп кытай,
Калтырбай кырып кыргыз байкушту
Карайлаткан ушунда,
Калың эл чогуу кырылып,
Калктын колу буулган
Билгендерге кеп ушул.
Кыйла журтту кыйратып,
Кытайга салган чуу ушул.
Кара кандын баласы –
Кабарыңда бар беле,
Кара ниет Жакыптан
Кара көкжал баатырдан
Кабылан* тууган Семетей.
Укумунан тукуму
Тулпар минсе ойноткон,
Тушуккан жоону сойлоткон.
Болумдуу шердин тукуму
Айчык алтын туу* алган,
Алышкан жерге чуу салган
Өчөшүнө тийгенде
Жакын дебей жалмаган,
Бул он сегиз миң ааламда*
Ойрон* шердин тукуму
Укурук кайрар* калбаган.
Ойноо бала кезинде
Календер* келсе камаган,
Дубананы* сабаган,
Кожо* көрсө тепкилеп,
Мечитине камаган.
Алып ичкен аракты,
Алып жаткан өрттөнгүр
Айнектей сулуу жалапты.
Болбостон ичкен бозону,
Боздотуп урган кожону.
Ичсе канга тойбогон,
Алышса жанды койбогон.
Ажалдан кайра тартпаган,
Арслан шердин тукуму
Өлүмдөн кайра кайтпаган.
Мына ошондо карасаң
Ардай болгон Буурулду
Эркелетип байлаган,
Атыша чыга жоо чыкса,
Астыга салып айдаган,
Ачуусуна тийгенди
Азууга салып чайнаган.
Каары келип какайса,
Катылышкан душманга
Бирөө тирүү калбаган.
Бет алып айза сунганда
Беттеген жоосу кыйраган,
Берендин жайын укканда
Тетиги Бээжиндин журту ыйлаган,
Атасы Манас көкжалдан
Артыкча тууган Семетей.
Мына ошондо Семетей
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып калыптыр,

www.bizdin.kg



Кан ичмеси* бек кармап
Кудай алкап салыптыр,
Белгилүү жерден күч чыгып,
Бет жагына карасаң
Беш байпактык түк чыгып,
Өрттөй көзү бек жайнап,
Оозун ачса от жайнап,
Каарланып күпүлдөп,
Каарына чыдабай,
Калталаңдап жөн турбай,
Жаналгычы* кан ичме
Бир өзүндөй көрүнүп.
Асман тиреп отурган
Тирөөчүндөй көрүнүп,
Жан жараткан менденин
Бир өзүндөй көрүнүп,
Кайратына жан турбай,
Каарланып күркүрөп,
Кан, калайык, көргөн жан
Кайратына чыдабай,
Семетейди көргөндө
Качып турду дүркүрөп.
Оозунан чыккан көк жалын
Октос берет шыркырап,
Ойрон төрө кантет деп,
Орою чочуп калың кол
Как жарылат дыркырап.
Каарды катуу баштады,
Карап турган калайык
Каарына чыдабай,
Кыйрап кете таштады.
Акырын айтып, бек таштап,
Каарланган Семетей
Калайыкка кеп баштап.
«Чымчышарым Чыма-чын*
Чын кудайдын бергени
Менин чымчышар жоом Коңурбай
Убара кылбай кысталак.
Өзү колго келгени,
Бу да болсо калың журт
Кудуреттин бергени
Атаман калган жер экен,
Чоң Таласты жер кылам,
Аркалай турган тууган жок,
Күлчоро менен Канчоро –
Сен экөөңдү дем кылам,
Каарлансам какайып,
Кармашканды жеп жүрөм.
Канчоро менен Күлчоро
Карааным экөө бир турса
Он сегиз миң ааламды
Карап кылам деп жүрөм,
Оолукмам кармап баратса,
Ок өтпөс тонду кийишем.
Кытай бир турмак, кылымга*
Курган жан, кыйраган салып
тийишем,
Менин Канчоро менен Күлчором,
Жортсоң жолуң болуптур,
Көрдүңбү, жооң жолго конуптур,
Бала, сенин тилегиң Кудай бериптир,
Тиктешкен жооң Коңурбай
Тим эле өзү келиптир.
Бере, кайкалаган Кара-Тоо
Биз ашычу бел эле.
Алөөкөнүн Коңурбай
Ат арытып, жер чалып,
Аздап барар эр эле,
Атайы өзү келиптир.
Менин Күлчоро менен Канчором
Жанымда эки карааным,
Эгиз козу түгөйүм,
Эш* кылган эки тууганым.
Кимиң барсаң, аның бар,
Керт башыңар бирөөңдүн
Миң кишилик алың бар.
Кыжылдаган кытайга
Мыктап кыргын салыңар,

www.bizdin.kg



Ажал жеткен өлбөйбү,
Бул аманат куу жанды
Дагдыр жетип, күн бүтсө
Чиркин менде бербейби!
Батырбай койбойт кара жер,
Киргизбей койбойт казган көр.
Карууң келсе кармашып,
Кан төгүп бер, балдар сен,
Дагдыр жетип күн бүтсө,
Алышып жатып өлүп бер.
Чамаң жетип ал жетсе,
Калдайдын уулу капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Чамаң келип ал жетсе,
Кабырга сөөгүн сөгүп бер,
Кармап канын төгүп бер.
Ата кектүү Калчаны*
Алты ай тынбай урушуп,
Узунунан салгыла,
Башын кесип алгыла,
Илгерки кеткен шерлердин,
Зайыпбуруш* эрлердин
Момунтип өчүн алгыла.
Уй түгүндөй журт менен
Уйпалашып көрөлү,
Өлбөй-житпей типтирүү,
Ушул турган кыргызды
Кытайга кантип берели!
Таласың короо темирдей,
Атадан калган жерлерин
Атадан калган элдерин
Манастын жаман уланы
Тарттырып ийди дедирбей,
Талканды таза салалы,
Талыкпай алты ай урушуп,
Талкалашып калалы!
Амал кетсе көрөлү,
Эрикпей алты ай салышып,
Андан кийин өлөлү.
Өлгөндөн кийин кыргызды,
Ушул турган Таласты
Олжо алса кытай журтуна
Андан кийин берели.
Капыр менен бусурман
Кармаштын жайы ушундай,
Кан Коңурбай Эр Калча*
Какандан калың кол* айдап,
Колдун баарын чогуу айдап,
Каалап келген Калчага
Маңдай-тескей турушкун,
Мылтык атып, жаа тартып,
Балдар, карсылдашып урушкун!
Тулпардан тандап миңгиле,
Тургузбай айдап, кытайды
Бээжинге чейин сүргүлө!
Кайра тартып Какандан
Келбегендей кылгыла,
Эрендерин, ыктуусун
Эсеби жок мыктуусун
Калтырбай сүрүп өткүлө,
Калың кытай, манжууну
Түбүнө чогуу жеткиле.
Түк калбасын арт жакта
Балдар түгөнүшө кеткиле.
Бул жаңжалдын себеби –
«Кичи казат атагы,
Калтырбай жыйып кол алган
Коңурбайдын чатагы.
Келген жерин карасаң
Туңша-дуңша, Бакбурчун
Чамаң келсе чапчышып,
Улугун кыйрат бул журттун,
Эсеби жок урушуп,
Бет алышып турушуп,
Ажал жетсе өлүшүп,
Журт зордукчу Коңурбай
Чоң чатагын көрүшүп,
Кез келишкен кан өлсүн,

www.bizdin.kg



Кезиккен жандын баары өлсүн,
Кытай, кыргыз тең өлсүн,
Кызыталак Калчанын
Кылыгына ким көнсүн!»
Деп, өшөнтүп, Семетей,
Каарланып бакырып,
Канчорону чакырып,
Жекеге чыгып келгин деп,
Жети сан кара кытайдын
Жеткилеңи Карагул
Бир сайышып келгин деп.
Казаттын жайы ушундай
Бир кагышып көргүн деп.
Уюктуу кытай улуу журт,
Көптүгүн көргүн кара курт
Кайратың болсо Канчором
Кармашар жооң ушул журт
Калайык туйбас эл билбес,
Кан Коңурбай өлбөсө
Кастарын тигип кыргызга
Кан төгүшпөй жөн жүрбөс,
Көлдөй толкуп, эл келип,
Көп каптоочу сел келип,
Көптүккө салып алам деп,
Көк ала сакал манжуу кул,
Көрдүңбү кылган кылыгын» –
Деп, өшөнтүп, Семетей
Аяныл жоодон калбады,
Жекеме-жеке сайышка
Канчорону шайлады
Өрттөнгөн кулдун өзү ошол,
Жадыгөйлүү* Карагул
Жаман балбан бул ошол.
Атагын көргөн чочуган,
Бул да ажайыптан окуган.
Айзаны түздөп ала көр,
Эрдикти эпсиз сала көр.
Коңурбай оңой жоо эмес,
Чууга кулак сала көр,
Кош эмесе, Канчором!
Алмамбет, Чубак эгиз эр,
Азыр көзүн салсынчы.
Сыргак, Серек тегиз эр
Жолдоштошуп калсынчы,
Кабылан атаң канкор шер
Өзү көзүн салсынчы!
Чындашканым Карагул –
Чын балакет мына бул,
Кармашканым Коңурбай,
Чоңдугу тоонун теңиндей.
Манастын кунун* кууймун деп,
Калчадан өлдү дедирбе!
Жанымдага карааным,
Астымдагы барааным,
Күлчоро менен Канчором –
Ободо жылдыз болжошум,
Кыямат кеткен кыраандан
Алып калган жолдошум.
Күлчоро менен Канчором –
Болоттон кылган сом балтам,
Кыргынга кирсе кыңкайбас,
Кагылайын чоң аркам.
Жет-Кайт минсе арыбас,
Бурут* менен бууданым*,
Күлчоро менен Канчоро-
Ал экөө менин тууганым.
Экөөнөн башка тууган жок,
Ушундай экен дүйнө бок!
Деп, өшөнтүп, Семетей,
Адыр-күдүр мойнокту
Аша чыгып адуулап,
Ок жаңылып кетет деп,
Ардай болгон он төрт ат,
Абай* менен жабуулап,
Окоро тийген* ак нокто
Он төрт атка чак нокто
Он төрт нокто каттырып,
Ок өтпөс тонду жүктөтүп,

www.bizdin.kg



Сөлөкөтүн арттырып,
Белгилүү буудан үстүнө
Ок-дарыны тарттырып,
Жердин үстүн чалдырып,
Он төрт мыктуу балбанга
Онжоңдотуп каранды
Бош коштотуп алдырып
Такоолго жүрчү эрендер
Жоболоң башка күн түшсө,
Жолдош болчу берендер.
Качып берип кылт этпей,
Тулпар оозун бурчулар
Туура кызыл өрт кетсе
Анталаңдап шашпастан
Жолдошун жоого алдырып,
Жолу катып качпастан
Эң күжүрмөн ыктуудан,
Эң айлалуу мыктуудан,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Сайышса салчу чоң дүмөк
Кан ичип ийчү капылдан,
Өлүмдөн кайра тартпоочу
Кара ниет баатырдан,
Алтымыш киши такоолчу
Аны берди балага.
Алтымыштын артыгы
Сары кандын Калыгы –
Кечээ, калдайдын туусун кыйратып,
Адамга пайдасы тийчү жарыгы.
Бакайдын уулу Байтайлак –
Бастырып жоого кире элек,
Жоонун айласын адам, биле элек,
Кыйкырып ураан сала элек.
Бакайдын уулу баш болуп,
Баарысы такоол болду эле.
Чубактын уулу чунакты
Көктелкиге миңгизип,
Көк темир тон кийгизип,
Көк ала кылыч Кылболот
Билегине илгизип,
Толу боюн топчулап,
Айза тийчү ар жерин
Көк темир менен үпчүлөп*,
Кылайган жерде тешик жок.
Кыямат жүзүн көрбөсө,
Алмамбет уулу эр чунак
Ажалдан өзү өлбөсө,
Сайыштан келчү азап жок.
Сандыргалуу эр чиркин
Шамдагайы болжолсуз,
Артык шайдоот эр чиркин
Ада кабагым деп, кашым деп,
Кашкаңдап күлүп кенебейт.
Кагышкан кытай, көп манжуу
Буйруксуз өлүп кетем деп,
Теги бучкагына теңебейт.
Мына ошондо Канчоро
Жекеге чыгат дегенде
Желигип бала сүйүнүп,
Мунун жергеси турат күйүп.
Мына ошондо Канчоро
Абасына муну айтат:
«Менин кармашарым кан Коңур,
Дагдыр жетсе өлөрмүн,
Өлбөй тирүү мен болсом,
Орошон күлүк тулпардын
Күлүгүн тандап минейин,
Бере, күпүлдөгөн кытайды
Бээжинге чейин сүрөйүн,
Кармашты катуу салайын,
Каканга чейин кубалап,
Капкайда кегим алайын,
Кайгырба аба, паанайым,
Каза жетсе өлөрбүз,
Кара кытай журт менен
Кара баш жерге киргенче
Кармалаша көрөрбүз.
Кан абам, төрөм кейибе» –

www.bizdin.kg



Деп, өшөнтүп, Канчоро
Кайран жанды аябай
Кагышка чыгып келди эле.
Аңгыраган чоң сайдан,
Алды жагын караса
Адам коркор чоң майдан,
Ал майдандын четинде
Толкуп жаткан мунарык.
Токойбу десе, чөл экен,
Толуп качып көп кытай
Төбөкөл Алла* болбосо,
Толкуп кетер кези экен,
Карарыңкы дүмпүйгөн
Камышпы десе, эл экен,
Аз гана кыргыз журт эмес,
Кызыталак кытай журт
Ааламды буй кылып,
Каптап кетер кези экен.
Толкуп кеткен кытайга
Канаттуу учуп жеткисиз,
Караанын менде көргүсүз.
Толкуп каптап кол салса,
Тоо туруштук бергисиз,
Жумуру баштын мендеси
Алышып чыдап бергисиз.
Курчап чуулап кол салса,
Адам турмак айбандын,
Бирөө тирүү калгысыз.
Караандуу кытай улуу журт
Кагышып менде баргысыз.
Кан Коңурбай мыктуусу
Каары келип какайып,
Каптап кетсе дүйнөнү
Тоону талкан кылгыдай,
Толгон экен бул кытай
Толгон жанды кыргыдай.
Ачууланып түктөйсө,
Айбатына кытайдын
Ар менде чыдап келгисиз.
Ааламдын калкын жыйнаса,
Бир бурчагын көргүсүз.
Мунарыктап бурчтанган,
Булуңгур болуп учтанган,
Мунарык десе эл экен,
Өрттөнүп өлгөн кысталак
Ошо селчелик кытай көп экен.
Кайраттанып кол жыйнап,
Тутанып өлгөн бул чочко
Туралбастан мол жыйнап,
Кыйкырып чуулап качырса,
Кылым кыйрап кеткидей,
Толкуп кытай кол салса,
Толкуп каптап кеткидей.
Тойпоңдошсо бул капыр
Топондой каптап кеткендей,
Түпкө чогуу жеткендей,
Кайнаган кытай журт экен,
Көптүгү кара курт экен,
Түгөнбөй турган сел экен,
Казат болуп кагышса,
Кан атам Манас, эр Чубак,
Алмамбет, Серек, Сыргактар
Бээжинден кыргын болору
Көөнү келсе эп экен!
Капырай, көрүнөө кытай каптаса,
Көл толтуруп өткүдөй,
Колдон артта калганы
Түпкө чогуу жеткендей.
Кумурска учса куртту көр,
Ошо кумчалык кытай журтту көр.
Азирет Аалы* катылбай
Арадан келген эл экен.
Он сегиз миң ааламга
Нур төгүлүп Бээжинге
Мамы болгон чеп экен.
Уясы такыр бузулбас,
Өзүң көргөн бул кытай
Он сегиз миң аалаага

www.bizdin.kg



Ордолуу койгон чөп экен.
Бул Бээжинге тийишип,
Бул кара жолтой кан абам
Кудай урган кези экен.
Капырай, камышын көр, селин көр,
Жер көрүнбөйт кыймылдап,
Ошол селчелик кытай элин көр.
Бет алып адам баргысыз,
Кызыталак кытайга
Беттешкен тирүү калгысыз,
Абайлап көрсөң, албан түрлүү
калкы бар,
Адам көрсө качкыдай.
Түрү суук калкы бар,
Түбүнөн бери жыйналып,
Келген экен каркыбар*.
Тирүү койбой адамды
Тим эле жеп кетүүчү салты бар.
Жаңжал десе жабылган,
Жоо келет десе камынган,
Албан түрдүү алпы* бар.
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган,
Беттешип менде баргысыз,
Бет алган аман калгысыз,
Албан түрлүү калкы бар.
Ар тиктешкен адамды
Талап жемей салты бар.
Бээжинден угуп чууну алып,
Түп көтөрө сыйпалгыр
Түбүнөн бери куралып,
Кабылса жанды кыргыдай.
Кармай алса кокустан,
Бир жанды чыркыратып жөн эле,
Калтырбай жанды кыргандай,
Кээ бирөөсүн карасаң –
Качыр минген, төө минген
Кээ бирөөсүн карасаң
Тоодой чокмор* колго алып,
Тим эле, дөмпөлөңдөп жөө жүргөн.
Кээ бир алпын карасаң,
Айбалта*, күрсү* байланып,
Кээ бир алпын карасаң,
Бир токтогон камандан,
Азыгына ал капыр
Кисеге* кошуп байланып,
Бээжин бейпай эл экен,
Ар кайсысын карасаң –
Албан түрлүү шер экен.
Алыш кылып Бээжинге
Илгерки шер барганы,
Кудай урган кеп экен.
Аттуудан кыйын күлүгү,
Арзан эмес көрүнөт
Коңурбай кандын бүлүгү.
Көрүп туруп Канчоро
Көргөндө жаман күйүндү,
Калың колун көргөндө
Койбойт экен жанды деп,
Кайран жандан түңүлдү.
Коңгуроо бекем кагылды,
Аржагынан калың кол
Үрбөп-дүрбөп жабылды.
Жер кашатча, таш майдан
Жетип чыгып караса,
Кудай бетин көргөзбө
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Камгак учкан немедей,
Толкуп кытай келеди,
Домполоңдоп алп-дөөсү*
Аламан* кыла береди.
Жекеге чыгып турганы,
Каталдын уулу Карагул,
Кара шайтан* мына бул,
Эки өңүрү далбаңдап
Курумсагын чалыптыр,
Каарланып жан койбой

www.bizdin.kg



Кутуруп чыгып калыптыр.
Алдындагы Тору айгыр
Булуттай учуп зыркырайт,
Баскан жери быркырайт,
«Коржоңдогон кытайдан
Коркуп туруп нетейин,
Жеке чыгып сайышып,
Сайып калсам бул кулду,
Оңжоңдотуп айгырын
Олжого коштой кетейин,
Тутанып өлгөн бул кулдан
Тура туруп нетейин?
Турбай  айза бир сунуп,
Коржоңдогон кул менен
Койгулаша кетейин.
Коркуп-үркүп антаңдап,
Колу мына экен деп,
Абама барып нетейин!
Айзалаша топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Коржоңдогон кул менен
Койгулаша кетейин» –
Деп, өшөнтүп, Күлчоро –
Ада ур мүчөлүү шер ошол,
Эңиштен кайра тартпаган
Чын кара көкжал эр ошол
Баланын астындагы миңгени
Көбөш кандын Көкборчук
Буура көкүл, капкан бел
Булкушка минер мал эле.
Күндөп-түндөп чуркашка
Кызыталак Көкборчук
Күлүктүгү бар эле.
Кабыргасын каркайтып,
Кагышка минген мал эле.
Омурткасын оркойтуп,
Ушундай ойронго минер мал эле.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көрчү болсоң Канчоро –
Семетейдей көрүнүп,
Серпишке чыга келди эле,
Оозунан көк жалын
Октос берип төгүлүп,
Ач арыслан төштөнүп,
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Алышка чыга келди эле,
Каталдын уулу Карагул
Карап тиктеп отуруп,
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Карагулдун көзүнө
Ошол кезде Канчоро
Карлуу тоодой көрүнүп.
Өзү сынчы Карагул –
Өткөрө баатыр мына бул,
Чылгый ичи өрт жанып,
Чыдай албай мына бул.
Тору айгыр оозун бурду эле,
Ошол кезде Карагул
Толук сынап турду эле,
Айзага камбыл эр экен,
Кайдан келген неме экен.
Бет алып айза сунганда
Беттешкенди  жеңгидей,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлү бадирек*
Келиштирип айзасын
Керчейтип өөдө аштаган,
Керише кеткен душманга
Керип колтук ачпаган.
Колуна тийсе мендесин
Коёндой жерге жанчтаган.
Ичип канга тойбоочу
Шер мүчөсү бар экен.
Алты миң аскер кабылса,
Аралап кирип кол салчу

www.bizdin.kg



Шерлик жөнү бар экен,
Оң далысы кең экен,
Өзү ойротту* бузар шер экен.
Бет алышып сайышып
Бейлебей адам барганда
Берт кылуучу неме экен.
Кыргызга кызыл туу экен.
Кытайга кыргын чуу экен,
Кыямат кеткен Чубактын
Көөнү келсе уулу экен».
Деп, өшөнтүп, Карагул
Баланы тактай салганы,
Алышчу жагын камдады,
Амызданды Карагул,
Сайыштан айныган жок мына бул,
Өөдө-ылдыйды карабай,
Өлөмүн деп санабай.
Камыштан кылган көк найза
Жолго чындап бурду эле,
Тоодой болгон айгырдын
Тартып оозун бурду эле,
Жөө качырып тиерде
Белгиге чапчу добулбас*
Карсылдатып урду эле.
Жер титиреп, тоо көчүп,
Кулак тунуп турду эле.
Кутурган кулду карачы,
Коржоңдотуп айзасын
Күркүрөтө сунду эле.
Чымындай жанды аябай,
Кулду Кудай урду эле.
Карагул жайы чын ушул,
Эрдиги эпсиз неме эле.
Башта шерлер менен сайышып
Камбыл болгон неме эле.
Уруш жакка Карагул
Даңгыл болгон неме эле,
Айзакерден ыктуу эле
Жоонун айласына
Адис болгон мыктуу эле.
Чоң айзаны колго алып,
Тору айгыр санга бир салып,
Аз жазайыл*, көп кордук
Көргөнү келген экенсиң.
Атаганат чиркин кул,
Өлгөнү келген экенсиң,
Карагулдан казатты
Көргөнү келген экенсиң.
Кайран жаның жашында
Бергени келген экенсиң.
«Төгөрөктүн төрт бурчун
Карагул чалган жол ошол,
Алмамбет, арыслан Чубагын,
Көкжал Манас кыраанды
Кайсаган колум мына ошол.
Акылыңдан шашпа деп,
Балам, алдыңкы жерден качпа – деп,
Качпай карап туруңуз,
Качып берсең калдаңда,
Катындай болот жумушуң,
Ойдолобой уруңуз,
Так ошол жерде туруңуз» –
Деп, өшөнтүп, Карагул
Каарлуу жинин карап тур,
Ачуусу келген ал кулдун
Айбатына карасаң
Мурутунун бир кылы –
Бир камчынын сабындай,
Арбалаңдап оозу –
Калдайчынын* кабындай,
Бети бышкан өпкөдөй,
Сакалына карасаң,
Сарапты* тешип кеткендей.
Көзү көпкөк темирдей,
Мурунуна карасаң,
Бузулган каптал сеңирдей.
Айбаты катуу Карагул
Айкырыгы таш жарып,

www.bizdin.kg



Качырып келет мына бул.
Кулжуңдаган Карагул
Куптап айза сунганда
Кудайсынат мына бул.
Жердин, суунун ээсиндей
Желигип келет Карагул,
Жеке баатыр болгонсуп,
Ээлигип келет Карагул.
Айбаты катуу, ээары күч,
Карагулду көргөндө,
Кайран жандан күдөр үз.
Кең көкүрөк, таш кайрат,
Келберсиген Карагул
Келе жатат мына бул.
Балам, Карагулдун кайратын
Көргөнү келген экенсиң,
Такоол албай Бакайды,
Такыр жалгыз ушерден
Өлгөнү келген экенсиң.
Ал Карагул баатырдын
Кайраты жаман чачылып,
Араандай* оозу ачылып,
Көзү кызыл өрт болуп,
Күлчоро жайлап өтүүгө,
Түбүнө чогуу жетүүгө
Келе жатат Карагул,
Мунун келбети кыйын мына бул.
Учуна болот курч тарткан
Карагайдай айзасы,
Бул Карагул капырдын
Ушундай кыйын экен айласы.
Күрмөсү* кең кытайдын
Күчтүүсү экен Карагул,
Таш сайынган* кытайдын
Тазасы экен Карагул.
Бээжинге мыктуу бел экен,
Жылкы баккан эр экен,
Элдин четин Карагул
Багып турат дээр экен.
Карагулдун эрдиги
Кап-кай жактан жоо көрсө,
Тогуз айлык Бээжинге
Тогуз күндө жетчү экен,
Тору айгыр менен чу коюп,
Туш-тушка кабар берчү экен.
Тутанып өлгөн Карагул –
Туура мээнет мына бул.
Касбан-Тоонун боюна,
Кара-Суунун жээгине,
Чоң-Какандын четине,
Кириштинин бетине,
Орнотулуу там ошол.
Эчен алп менен алышып,
Эренди союп даң болуп,
Кан жыттаган кул ошол.
Мунун да жүргөнүнөн чаң чыккан,
Доошунан жан чыккан.
Толкуп кетсе Карагул,
Толгон жердин чатагы,
Каканчылуу* Бээжинге
Толук угулган атагы.
Ич этинен ок өтпөс
Кийип жүргөн Карагул,
Кыйла ааламды кыйкырып,
Билип жүргөн Карагул.
Жылга керүү там ошол,
Жылкычынын каны ошол.
Айзакерден айдалуу
Куйкалаңган кул чочко
Чыйрактыгы бар ошол.
Булуттай учкан тору айгыр
Булчуңга камчы урду эле,
Мубакүлдүү* көк найза
Буруп кармап өрттөңгүр
Канчорого сунду эле.
Желиккен кулду карачы,
Жер айрылып дүңгүрөп,
Жетмек болду Чорого,

www.bizdin.kg



Кулду Кудай урганын,
Кутуруп айза сунганын,
Чубактын уулу чунагың –
Эр Канчоро көрдү эле.
Атасы Чубак арыслан шер,
Ааламды буй кылган,
Зайыпбуруш өткүр эр.
Он экиге келгенде
Ордо* бузуп олжо алган
Орчун журтка кол салган,
Кашкарды камап аны алган,
Эр атасы Чубактан,
Эченди бузган чунактан,
Белекке калган Канчоро.
Эрте сөзү кеч болуп,
Карагулду көргөндө
Бет алып айза саюуга,
Бир беттешип калууга
Эки көзү төрт болуп,
Кулдан мурун айза алып,
Кутургурга жетсем деп,
Жан аябай муштатышып,
Койгулаша кетсем деп,
Алышка кирсек аянбай,
Айза сынса быркырап,
Кан төгүлсө шыркырап,
Кытай, кыргыз улуу журт
Кызык ушул болсун деп,
Журт карасын чуркурап,
Эрегиштен эр өлсүн,
Тутанып өлгөн чочконун
Зордугуна ким көнсүн.
Туруп берип бу кулга
Не муразга жетейин,
Балта менен чабышып,
Каталдын уулу капырга,
Кан Карагул баатырга,
Жекеге чыккан төрөгө
Көргөн жерде качырып,
Кутуруп турган немеге
Чаркым келсе, бул кулдун
Ок өтпөс тонун бөлөйүн
Кутурган экен куурагыр
Кулжундашып көрөйүн» –
Деп, өшөнтүп, Канчоро
Кара жаак булдурсун*
Чапса кулак тундурсун,
Опол-Тоонун түп ыргай
Түбү менен жулдурган,
Камчы сапка кылдырган.
Бышты оопаздын терисин
Өзөгүнө кирдирген,
Төрт эркечтин терисин
Шыкап атып өрдүргөн.
Түшкүнүнө ок койгон,
Көк чалдатып чок койгон.
Алаканы айнектүү,
Бүлдүргөсү баргектүү,
Долоно саптуу ак камчы
Толгой кармап имерип,
Тоодой болгон бууданды
Такымга тартып жиберип,
Көкборчук оозун бурду эле,
Уңгусу болот, учу курч
Урушка кылган сыр найза
Түздөп кармап Канчоро
Карагулга сунду эле,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Мелтиреди эки айза,
Эки айзанын учунан
Көк жашыл өрт көрүнүп,
Көкжалдар кантер экен деп,
Көрүп турган адамдар
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көзду жумгуча,
Жебеден мурун жетишти,
Канчоро менен Карагул –

www.bizdin.kg



Карасаң жаңжал мына бул,
Казатты катуу баштады,
Аянбай айза сунушуп,
Жандан кечип таштады.
Алтын жака кементай
Карагулдун тону эле,
Булуттай учуп дыркырайт.
Карагулдун аты эди,
Айгыр жалдуу, бээ курсак,
Адис болгон Тору айгыр
Булуттай чуркап озгону,
Шамдагайы болжолсуз
Шапа-шупа камчы уруп,
Шай* колдогон эр чоро*,
Сыягы суук чоң кулга,
Сайышкан жоону көп алган
Атаңды көрү, камбылга
Айласы мол даңгылга
Бала көкжал Канчоро
Акыл артып озду эле,
Көөхардан* кылган топчуну
Ылдыйыраак бети деп,
Кебез белбоо курунун
Эки эли ылдый чети деп,
Өлчөгөндө куу кулдун
Өпкөнүн таамай бети» – деп,
Канчоро айза салды эле.
«Кемер курдун бети деп,
Артык ыкчыл Карагул
Ак каңкы* ээрдин кашы деп,
Жүрөк менен колконун
Ашташып турган жери деп,
Алтымыш жаны болсо да
Көөсөрдү азыр жедим» – деп,
Карагул айза салды эле.
Мурунку өткөн Чубактан
Мураага калган Жойкума,
Кылычты кындан алды эле,
Болоттун учу жетерде
Ондоп кармап кылычты
Орто белге салды эле,
Айзасы белден кыйылып,
Алек болду Карагул.
Айза менен сайганда
Тоону сайган эмедей,
Канчоронун сыр найза,
Орто белден бүктөлдү.
Айза өтүшпөй эрлерге,
Айза түтпөй кыйрады.
Канчоронун Көктелки
Чөгөлөй түшүп жоголуп,
Мүдүрүлүп оңолуп,
Күч келгенде айбандар
Тизеден жерге батышып,
Баткак кечкен немедей
Жерден бутту тартышып.
Карагулдун кементай
Кагышкан менен айза өтпөс,
Болот эгеп, кум кылып,
Ортосуна салдырган.
Айзалап катуу сайганда
Адамдын колун далдырган,
Бет алышып мушташса,
Адамдын мээрин кандырган,
Каныкей кылган суп* чепкен,
Келте огу кеспеген,
Карагул түгүл каранга
Алты миң балбан айза урса,
Кылайтып айза тешпеген,
Эриши* жибек, эни алтын,
Аркагы болот, теңи алтын,
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор* атса ок өтпөс,
Опсуз кылган чоң калкан,
Чоюлушуп турушту.
Чоң жаңжал салып эки эрен,
Чочубастан урушту.
Улуу казат чоң дүрбөөн

www.bizdin.kg



Ким көргөн мындай жумушту,
Айзалашып урушуп,
Айза колдон сынган соң,
Антип жаны тынган соң,
Эки айза тең сынып,
Копол болуп турушту,
Айза эрендин көркү экен
Эки айзадан айрылып,
Такоол болуп турушту.
Айзадан айла кеткен соң,
Айбалта колго алышты,
Маңдай-тескей эки эрен
Айбалта менен салышты,
Айбалтасы быркырап,
Сабы колдо калышты,
Балтадан айла кетишип,
Жолум үйдөй* чоюн баш*
Кабарын көрсөң оолак кач,
Тийген жан тирүү болбостон,
Тим эле өлүп кетсин деп,
Оң кобул салып кырдаган,
Болоттон болжоп уютуп,
Сабына алтын чырмаган,
Жолум үйдөй чоюн баш
Көтөрүшө барышып,
Маңдай-тескей эки эрен
Барсылдаша салышып.
Чоюн баш калган быркырап,
Кытай, кыргыз дөөлөрү
Кылымдан кызык болду деп,
Карап турду чуркурап,
Жети сан келсе кол салып,
Бир салганда он салып,
Оңбой кетип баратат,
Бу Карагул баатырды
Тутанып өлгөн Канчоро
Койбой кетип баратат,
Чоюн баштап токмоктоп,
Айласы кетип Карагул
Тору айгыр жалын кучактап,
Качмак болду шокшоктоп.
Эки этеги далдактап,
Эси оогансып барбактап,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден арты бултайып,
Карагул түрүн көргөндө
Эрге эмне болду деп,
Кагышка каалап чыгарсак
Алдырмак болду бурутка
Жерге эмне болду деп.
Шуру отогот*, маржан таш*
Луң-туңдун каны аралаш,
Чылгый ичи өрт-жалын,
Чыдай албай буркурап,
Кулду Кудай урду деп,
Кытайдын бели сынды деп,
Кан, төрөсү буркурап,
Кайраттуусу, шерлери,
Кыргыздын кыйын эрлери
Кууп жете салгын деп,
Атаңдын көрү, Канчоро
Түп этектен алгын – деп,
Каталдын уулу капырды,
Кан Карагул баатырды
Түп этектен алгын деп,
Кылыч менен кыймалап,
Кызык кыла салгын – деп,
Кыргыздын эли чуркурап.
Эңкейгенден эңкейип,
Эси кетти Карагул,
Эрендердин шердигин
Бул майданда карагын
Жеткизеби Тору айгыр
Кулдун эси оогонда,
Эселеги билинген,
Түшүп тизгин, чылбыры
Бакбаякка* илинген,
Анда да болбой Тору айгыр

www.bizdin.kg



Жаадай* чуркап түйүлгөн.
Үстүндөгү Карагул
Жана жандан түңүлгөн,
Айласы кетип Карагул,
Шашып кетип баратат,
Эки буту тушалуу
Капырыңдын Тору айгыр
Калың кол көздөй бет алып,
Качып кетип баратат.
Өңгүл-дөңгүл чуңкурга
Сала качып баратат,
Өкүрөңдөп Тору айгыр
Бул өрттөнгөн кулуңду
Ала качып баратат.
Мына ошондо Канчоро
Тегерегин карабай,
Теги эле жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Алдындагы Көктелки
Оңдоп-солдоп камчы уруп,
Оң тетири теминип,
Артынан чаңы чубалып,
Арсландай көзү кызарып,
Жетик экен Канчоро
Жебеден мурун жетти эле,
Алтын жака кементай –
Мына ошондо Канчоро
Түп этектеп алды эле.
Түрө кармап салды эле.
Каруусу толук капырдын,
Ал Карагул баатырдын,
Башыңда болот калканы
Учуп жерге кеткени
Эр Чубактан курч кылыч
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Кылычты колго алды эле,
Кыйгай тартып салды эле.
Башы кетти быркырап,
Ал Карагул баатырдын
Жаны чыкты чыркырап.
Денеси калып, башы жок,
Опол-Тоодой барбайып,
Мына ошондо Карагул
Тору айгырдын үстүнөн
Кулап кетти дардайып.
Кылычын кынга салбады,
Кызыгып калган чунагың
Тоодой болгон Тору айгыр
Шилиге тартып алганы.
Аты менен таң кайсап,
Чубактын уулу Канчоро
Тындым кылып салды эле,
Манжуу каны Эзкара
Өткөрө чечен, өзү эр,
Кайраты кыйын, заары күч,
Ал Карагул өлдү деп,
Кайра тартпас дүйнөнү
Кайран берен көрдү деп,
Карагул өлдү, каның өл!
Кайра тартпа кыргыздан
Калбай такыр баарың өл!
Кыргызды чаап кайрылып,
Карагулдан айрылып,
Бээжинди кантип көрөлү.
Бээжиндеги чоң канга,
Далай жандан тунукка,
Таш сайынган улукка
Каары мүшкүл капырга,
Чынмачындын чын каны
Чын Кары кан баатырга
Кантип жооп берели!
Каргыш тийген бурутка
Алты жыл тынбай урушуп,
Айгайды арбын салалы,
Кыл эмең калбай таптакыр
Кырылышып калалы,

www.bizdin.kg



Калдай* өлсүн, кан өлсүн,
Кармашкан жандын баары өлсүн,
Жалгыз көздүү алп өлсүн,
Калбай чогуу калк өлсүн,
Ат көтөргүс дөө* өлсүн,
Алышып жүрүп көп өлсүн.
Кыйыныңар, шериңер,
Кызыккан окшойт куу бурут
Кыргынды кызык салыңар,
Кылын койбой кыйратып
Карагул өчүн алыңар!
Кыргызга келип кайрылып,
Кыйла дөөдөн айрылып,
Бузулган экен биздин түш,
Кытай илек*, кыргыз аз
Кыйын дөөдөн айрылып –
Кылымда барбы ушул иш.
Кыйын каптал калгыла,
Кыйласын байлап алгыла,
Кыргын тийген Семетей –
Кызыталак бурутту
Кыргын кылып салгыла!
Асманга учсун топурак,
Азар түмөн* кол каптап,
Аскер каптап топурап,
Беттеген жерин суу болсун,
Кызыталак буруттун
Канчасынан айрылып,
Мунун катын-кызы чуу болсун.
Байлап келгин типтирүү
Манастын уулу дөөсүн,
Кезигип калса Бакай кан
Чыгара чап мээсин!
Кара курттай көп кытай,
Каныңардын буйругу.
Каптагыла кеткиле,
Кырып союп өткүлө,
Кызык кылып буруттун
Түбүнө чогуу жеткиле.

Чубактын уулу чунакты
Мурун каптап калыңар,
Узунунан салыңар,
Талча жерин таштабай,
Кылычтап башын алыңар,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Кызыталак бурутту
Даңгыттарга* жарыңар».
Тиктеп кирип качырып,
Алп-дөөлөрүнө асылып,
Тирүү кармап алыңар,
Эки колун тең байлап,
Эки көзүн тең чукуп,
Эткен берен элең деп,
Билген чырды кылыңар.
Миңден дөрөө* камчы уруп,
Кордукту койдой салыңар.
Колдоруна жеткизбей,
Тирүү байлап алыңар.
Каптагыла бул кулду,
Байлагыла бул кулду!
Жаа тартуучу эренин,
Жазбай атчу беренин,
Күрмө кийген күчтүүңөр,
Таш сайынган тазаңар,
Бийлөөсү бар бегиңер*,
Беренсиген эриңер,
Бет алганды койбогон,
Берсе даамга тойбогон,
Колу болот оргоктуу,
Калайманды баштаган,
Чын ачуусу келгенде
Төөнү жаза муштаган,
Калдайыңар, алпыңар
Каптагыла каркыбар
Кыйыныңар жаныңар
Кылча көрбөй куу башты
Кыргынды кызык салыңар,
Кызыталак буруттан

www.bizdin.kg



Кыйындап өчтү алыңар».
Кыйкырыгы таш жарып,
Эзкара үнү жаңырды
Мунарга байлап кен-тунду*
Кендемеде* эл турду.
Бурчка кылган мунара –
Мунарасы жыгачтан,
Урушардын белгиси –
Бул өнөрүн сураба,
Мунардагы коңгуроо
Тартып боосун чойгондо,
Коңгуроону койгондо
Коңгуроо бекем кагылды,
Азыр даяр түмөн кол
Жоо кайдалап жабылды.
Бирөөн-бирөө түртүшүп,
Сабашып жатып калды эле.
Өз колунан жүз башчы*
Адашып жатып калды эле.
Топурак учуп, тоз* болду,
Толгон кытай козголду.
Асман ачык, жер бүркөө
Зубундап*, чуулап эл толду,
Зубун жүрүп каптады,
Топурак уюп, чаң учуп,
Жердин үстү козголуп,
Шибеликтин Тагылык
Кандан буйрук келди деп,
Каптап жаткан көп улук
Айзасын алыш бөлөдү,
Асман жарган чуу болуп,
Аламан уруп жөнөдү.
Каткалаңдын Сайкалы,
Кажылдаган капырдын
Кайсы бирөөн айталы.
Оодушаңдын балбаны
Бет алып колго салганы.
Барган сайын эң күчөп,
Бул өрттөнгөн кытайдын
Ашып барат жаңжалы.
Көлүгү жок, жөөлөрү
Үйдөй чокмор колго алып,
Үңүрөңдөп келеди.
Жан куткарбай калың кол
Аламан коюп жөнөдү.
Быяк жагы көп колдун
Кутпа* жакы бетинде,
Колду айдап токмоктоп,
Көкала сакал чоң манжуу
Көрсөң Калча артында.
Көп адам чуркап чуркурап,
Кол эсинен жаңылды.
Уй түгүндөй көп балбан
Баштаганы чоң жаңжал
Солоон, шибен кандары,
Кара калмак манжуусу,
Сазаң-шаң каптап ал дагы
Калдай толгон калкы бар
Бет алган жоосун таштабай,
Канын ичмей салты бар.
Калың кол чогуу каптады,
Чубактын уулу Чорону
Курчап келе жатканы.
Качыры бар, били бар,
Калдайы* бар, дөөсү бар,
Кастарын тигип кыргызга
Калган экен каркыбар,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Көптүгү жерге батпаган,
Урушпай куру жатпаган,
Каканчынын калкы бар.
Кармашканды соо койбос,
Кара кытай оңбогур
Канын ичмей салты бар.
Толкуган дайра бел экен,
Толгон кытай эл экен.
Топон суу* каптап жете албай,

www.bizdin.kg



Аман калып балаадан
Эсен кан эли дээр экен.
Жөө күлүктүн* баарысы
Темир аркан тор алып,
Байлоочусу камынды.
Баары айзачан шайдооту
Канчорого жабылды,
Жабылып айза сунганда,
Жадалын салып турганда,
Айзанын башы кагышты,
Көптүгү жерге баталбай
Адамдын башы чабышты.
Жер козголуп, калың кол
Эр Канчоро көкжалды
Тегеректеп ошол жол.
Бөйрөгүнөн Чоронун
Жамгыр кылып жаа тартып,
Каптал жагын карасаң
Мөндүр кылып ок атты,
Чалма урууучу* ыктуусу,
Аянган жок кытайдын
Кол баштоочу мыктуусу.
Кан ичүүчү эрени
Калдайлардан Дуушаңы
Камбыл балбан берени,
Киши билбес сөздүүсү,
Колу-буту адамдай,
Башында жалгыз көздүүсү,
Адамдан артык сүрдүүсү,
Алышып адам чыдагыс,
Айбанга чалыш түрдүүсү.
Кечилдери*, кандары
Каптап кирди алдагы.
Жөө чуркаган күлүгү,
Кичи казат бүлүгү.
Каптап кытай кирди эле
Баскан жерин чаң кылды,
Кези келе калганын
Балталап сабап даң кылды.
Дөңгүл жерди түз кылды,
Өлөрман экен кытай журт
Өз кылганын бүт кылды.
Бурутту каптап кеткин деп,
Эр Коңурбай күч кылды.
Кез болгонун кечили
Кекиликче отоду,
Солкулдабай кара жер
Жөн эле калыңынан токтоду.
Кыжылдап кытай кол салды,
Кыргын мындай казаттан
Кыргызың кантип соо калды.
Кытай каптап калганы
Кыж-кыж этип чуу туруп,
Канчоронун калың кол
Каптаган экен ошол жол.
Кытай эли чоң шумдук,
Кыйыны кылып чоң буйрук
Баатыры каптап өтөр деп,
Баатырлык кылды Канчоро.
Баланы өлтүрүп түпкө жетер деп,
Каарланды Коңурбай.
Кайратынан таш күйдү
Тоодой толкуп күркүрөп,
Тозокту* арбын баштады.
Көрүп турган адамдын
Бүткөн бою дүркүрөп.
Каарынан канча журт
Бузулуп кете таштады.
«Кызыталак бурутту
Түбү менен соргула,
Тукум курут кылгыла,
Карагул өлдү, каның өл
Калбай такыр баарың өл» –
Деп, өшөнтүп, Коңурбай,
Манжууларын шаштырды.
Алтындан тизгин жулкунтуп,
Алгараны булкунтуп,
Аркы-терки бастырды,

www.bizdin.kg



Коңурбай минтип турган соң,
Алп-дөөсүнүн баарысы,
Ак сакал Калча карысы,
Кечилдердин чоңдору,
Үйдөй чокмор-колдору
Иреттеп колун келеди
Тутанып өлгөн Коңурбай
Аламан коюп жөнөдү.
Кумурскадай кол каптап,
Аз гана эмес мол каптап,
Эр Канчоро балага
Жамгыр кылып жаа тартты,
Мөндүр кылып ок атты.
Маңдай-тескей турушту,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушту.
Үркүн-түркүн сел каптап,
Кара курттай эл каптап,
Жээк тартып кыжырап,
Жерге тартып быжырап,
Чубактын уулу чунакка
Каткалаңдын Сайкалы,
Кара жагал Тагылык,
Түмөндөгөн калың кол
Аламан койду жабылып.
Кумурскадай кылкылдап,
Курчап сан кол былкылдап,
Айзакерден эрендер
Бул чорого жетти эле.
Туш-туш жактан койгулап,
Чалма урууучу ыктуусу
Жетип чалма салганы,
Улугу Калча Коңурбай
Тирүү кармап барганы,
Чокмор алган чоңдору,
Ай-ааламды буй кылган
Артык балбан болжолу,
Каруусу толук ыктуусу,
Туш-туштан балбан мыктуусу
Туурасынан жабылып,
Мына Канчоро баланы
Жабылып аттан түшүрдү.
Кылмак болду таланды,
Бой бербестен Канчоро
Аттан түшпөй турушту.
Алысташып эрендер
Мылтык менен урушту.
Ал аңгыча болгон жок,
Уй күрөң тартып жөнөлүп
Урушкан жалгыз Канчоро
Кызыл канга бөлөнүп.
Эрбеңдеген эки кол
Өөдө болбой шал болуп,
Бүткөн бойдун баарысы
Айбалта айза көп тийип,
Былкылдабай шал болуп,
Аламан каптап кеткени.
Каптоодон кытай бөлүнбөй,
Токмоктон Чоро эринбей,
Тобокелдеп турушуп,
Эрендер минтип турганда,
Суудай сулуу ат минип,
Суп куйругун чарт түйүп,
Көк темир болот айза алып,
Алмамбеттин Жойкума
Билекке салып шайланып,
Ажал жетсе өлөм деп,
Эгизим эле Канчоро,
Өлбөй аман бир болсом
Караан болуп берем деп,
Канчоролоп бакырып,
Жеткен жерде кытайды
Жер жарылтып сапырып,
Айза жеткен жерлерди
Айза менен уратып,
Кылыч жете калганда
Кыймалып чаап сулатып.
Каарланып зыргытып,

www.bizdin.kg



Каршы алдына келгенин
Айза менен жөн эле
Каргадай сайып ыргытып,
Жолуккан жоого келгенде,
Жолборстугу билинип.
Баатырсынган алптары
Күлчоро кирип барганда
Жоо тийгендей бүлүнүп,
Сур тулпар менен ойнотуп,
Бет алыша түшкөндө,
Бештен сайып сойлотуп,
Күлчоро кирди аралап.
Анын арт жагынан
Олуят уулу эр Бакай
Ажал жетсе өлөм деп
Айлам болсо балдарга
Караан болуп берем деп,
Сакалым куудай агында,
Сапарым чукул чагында,
Берендерден айрылып
Кайсы күндү көрөм деп,
Бакай кан кирди ойнотуп,
Ошол кезде Көкчолок
Жал-куйруктан айрылып,
Жаманатка конуптур.
Быйыл Көкчолок аттуу болуптур,
Бакай кандын Көкчолок
Айгай кулак тундурган
Чууну көргөн мал экен,
Айчык алтын көк жарган
Тууну көргөн мал экен,
Канча жерден кан кечип,
Кагышкан жерден баш кесип,
Көз чукушуп ат алып,
Көнүп калган Көкчолок.
Ал согушка киргенде
Желгенине жел жетпей,
Бакай кирди согушка.
Ал Бакай кан карыя
Астындагы Көкчолок
Ары-бери ойнотуп,
Алтоо-жетөөн сойлотуп,
Аралап кирди сан колго.
Кайсы экени билинбей,
Жер айрылып, чаң учуп,
Жеткилең мүшкүл күн болуп,
Асман ачык, жер бүркөө
Дүйнө жүзү түн болуп,
Жекеме-жеке сайышып,
Мүшкүл тартып калышып,
Казатты катуу башташып,
Кылча көрбөй куу жанды
Такыр кечип ташташып.
Ошондо Манастын уулу Семетей
Анын арка жагынан,
Жекене* белге курчанып,
Жети түмөн кытайга
Жеке аралап кол салып.
Манастан тууган шер неме
Кайраты мыктуу заары күч,
Катылса кылат жоону түз.
Ажалдан кайра тартабы,
Жоодон кайра кайтпаган,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өкүм шердин тукуму.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Түгөнбөстүн тукуму.
Серпишке кирсе сезгенбес,
Кыргынга кирсе кыйшайбас.
Атасынан бабасы
Түнөп өткөн жерине
Түптүү калаа орногон,
Түбүнөн бери ордогон.
Себилдүү* балбан сексен төрт,
Серпишкен жагы кызыл өрт.
Көкжалдын уулу чунактын
Баатырлыгы башкача,

www.bizdin.kg



Балбандары бир канча.
Жоого ылайык жаралган
Көркөмү бөлөк, көзү тик,
Көп мушташка сөзү тик.
Серп алган жагы күйгөн чок,
Мендеде мындай көкжал жок.
Камоого түшкөн Канчоро
Ажыратып алууга
Кайнаган кытай, көп манжуу
Коржоктогон кайран шер
Ажыратып алууга
Добулбасты бир тартып,
Көкжал Манастап ураан чуратып.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көкжалдык түрү көрүнүп,
Сайышка кирсе сайкашка
Мунун салмаш журттан бир башка,
Тегиз кыраан көйкашка.
Айзакерден шерлери,
Мунун ажал десе сүйүнгөн,
Мунун баарысы катар эрлери,
Ааламды буй кылган
Мунун баарысы мыктуу эрлери,
Урушка мыктуу жандары
Өлчөөсү жандан бир бөлөк
Өңчөй кандын балдары
Төлгөсү кара Төлөгү,
Төлгө салып башында
Добулбас чабар балбаны,
Төбөкөлдөп баатырың.
Тополоң салган кытайга
Тозууга чыга калганы.
Ата уруктан эрендер,
Алышка чыкты берендер.
Сурунай кулак тундуруп,
Айгайы арбын чуу туруп.
Жоо белгиси дүкүлдөп,
Дүңкүлдөк* бекем кагылып,
Өлүмдөн жанын аябай
Каршы туруп кытайга
Калмак болду жабылып,
Айгай артык чуу турган
Чууга кирмек болушту,
Ажалдуу менде окко учкан
Дууга кирмек болушту,
Жердин жүзүн каптаган
Селге кирмек болушту,
Көптүгү курттай жайнаган
Элге кирмек болушту.
Аалам журт апы* кылалбас,
Чокко кирмек болушту.
Ошол кезде Семетей
Каарланып бакырып,
Күлчорону чакырып:
«Алты ай тынбай жол жүрсөм
Астымдагы Буурулум
Айныбай турган бууданым,
Канчоро менен Күлчоро
Бул экөө менин тууганым.
Астыга салсам ак жолтой,
Айдап жүрсөм сан колдой,
Эш тутканым экөөнү
Караан кылып турганым,
Бузду кытай санааны,
Кара курттай капырың,
Кайран Калча баарысы
Кайнап жаткан көп кытай
Кайнап такыр жеткени.
Кагылайын Канчором,
Тегиз кытай каканчы
Тегеректеп кетти го.
Ажыратып албасак,
Кыргынды кыйла салбасак,
Кылча көрбөй бул жанды
Кырылышып калбасак.
Кайрат кылган кан өлүп,
Кагышкан жандын баары өлүп,
Кармашты катуу салбасак,

www.bizdin.kg



Караан болгон Канчоро
Ажыратып албасак,
Эрендер эпсиз билетко,
Айтылуу мыш-мыш чын болсо,
Бизди кара эшек кыла жүрөт ко,
Колуна тийсе бул кытай,
Чыркыратып баланы
Ажалдан тирүү байлайт ко,
Кан ичме канкор уулу деп
Кан Коңурбай жайлайт ко,
Ботом камышты көр, селди көр,
Канчоронун үстүндө
Каптаган кытай элди көр.
Мунарыктуу чокту көр,
Бул кысталак шум дүйнө,
Бөлүнбөй тийген окту көр.
Кумурскадай кылкылдап,
Курчап кытай былкылдап,
Көптүгүнөн бул кытай
Жер жарылып былкылдап.
Дүйнө сыйбай кол каптап,
Аз гана эмес, мол каптап,
Алекти кытай салыптыр.
Алеңгер* жаа, сыр жебе
Ала коюп жаадырып,
Баштап жүрөт көп дуңду.
Канчоро байлап алууга
Чалма салган ыктуулар,
Жан аябас мыктуулар,
Калдайдын уулу капырың
Түмөндөтүп кол алып,
Түгөл каптап алыптыр,
Кан Коңурбай баатырың.
Балбандары башкача,
Бээжинден чыккан эрениң
Белсенип салып кыйкырып,
Кайран Калча эрениң
Каптатып калган кези экен.
Турбай капта, айда деп,
Тирүү койсо жайла деп,
Берендерим кайда деп,
Белсенип салып Коңурбай
Бек чындаган капырай.
Катынын кара баскансып,
Кутургур жайы ушундай.
Куугуну жакын качкансып,
Кармашкан жоосун куугансып,
Чын сүйүнгөн Коңурбай
Катыны эркек тууганcып.
Алгын балбан, алгын деп,
Аябаган дүмөктү
Бул бурутка салгын деп.
Жер жарылган кол болуп,
Жер жарылып бүтүптүр,
Сыйпалып кетпей кара жер
Түктүүсүнөн түтүптүр.
Бул түгөнгөн Коңурбай
Жадаал салып, кол айдап,
Каарды катуу баштаптыр.
Тоо солкулдап, жер көчүп,
Каарынан Калчанын
Кыян жүрүп, сел каптап,
Кыйкырык күчөп, эл каптап.
Айзанын башы короктоп,
Адамдын башы сороктоп,
Коңурбай кордук салыптыр,
Кызыкты кыйын баштаптыр,
Кырк уруунун калың эл
Бузулуп кете таштаптыр.
Куйүттү күчтүү салыптыр,
Жекеге чыккан Канчоро
Калдай каптап алыптыр.
Тегеректеп калыптыр,
Жагалашып чуу туруп,
Жабылып айза салыптыр,
Жаңы байлап алууга
Жакындашып калыптыр.
Адам, жети бөрү бир койду

www.bizdin.kg



Таласа тарпын коёбу,
Жетип кытай, көп манжуу
Жекеге чыккан Чорону
Сабаса тарпын коёбу.
Маңдайлашып турушуп,
Жан аябай урушуп,
Кыргынды кызык салалы.
Айла келсе Чорону
Ажыратып алалы,
Дагдыр жетсе өлөлү,
Өзү тийген Калчага
Тынбастан эче ай салышып,
Согуш кылып көрөлү.
Топурак учуп, тоз күйүп,
Жер бузулуп, тоо учуп,
Жети жыл тынбай салышып,
Күчтүүсүнгөн Калчанын
Чамасын быйыл билели,
Такыр айдап чуулатып.
Бээжинге чейин сүрөлү.
Каарланды Коңурбай,
Буга кыргынды кыйын салалы
Кыйындарын кыйратып,
Бээжинге сүрүп баралы.
Сүрдүрбөсө Бээжинге,
Камалып жатып өлгүчө
Кагышып жатып өлөлү.
Карсылдашып урушуп,
Кан төгүшүп көрөлү».
Деп, өшөнтүп, Семетей,
Арысландай көздөнүп
Арысландын уулу көкжалдын
Туткагы кармап туралбай,
Кан ичмеси бек кармап,
Дагдыр жетсе өлүүгө,
Белгилүү берен Коңурбай
Бат алышып көрүүгө,
Оодарылып күйүнүп,
Эркек киймин кийинип,
Эрендин уулу чунагың
Энеси кылган тондорун
Акыл айран, таң калган.
Атасынан калган мүлк
Энеси бейбак* септеген,
Букара өскөн арамдар
Булайыт* кийип салганда
Каныкей бейбак эптеген.
Бити биттеп калат деп,
Аман болсо бу чунак
Бээжинге дүмөк салат деп,
Бээжиндеги кытайдан
Берендин өчүн алат деп,
Бек аябай жол жүрсө
Бити биттеп калат деп.
Бит кийими бир бөлөк,
Кири кирдеп кетет деп,
Кир кийими бир бөлөк.
Кытайга тийсе чоң арман
Бээжинге жаңжал урушса,
Бет алып салса чоң жаңжал.
Эр башына жасаган,
Он эки көйнөк, он дамбал.
Эрен кийсе кубанып,
Бээжинге салса чоң жаңжал,
Кагышка кийсе камсыкбас,
Топ кийими бир бөлөк.
Өрткө кийсе чок өтпөс,
Чок кийими бир бөлөк.
Чыканактап уйку алса,
Чырым этип тынч алса,
Жыргал кийими бир бөлөк.
Каршы-терши барышса,
Карсылдашып салышса,
Кармашкан менен ал жетпес,
Жоо кийими бир бөлөк.
Алыстап сапар жол жүрсө,
Чаң кийими бир бөлөк,
Өйүз-бүйүз барышса,

www.bizdin.kg



Жан аябай салышса,
Мыктанышып турушса,
Мылтык атып, жаа тартып,
Тынбай алтай урушса
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлсө шыркырап,
Дагдыр ушул көрдү деп.
Кайран киши өлдү деп,
Кемегедей бир жерди
Кесе чаап ойсун деп,
Кепин* ушул болсун деп,
Кийми менен койсун деп,
Жаткан эмес кылайып,
Кайран энең Каныкей
Ошол барган колдорго
Тон жасаган ылайык.
Семетейдин Аколпок*
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана*, торгой көз*.
Келептеп ийип болоттон
Аркагын миңче талдырган,
Ок өтпөгөн кымбаттан
Караң калган жыласка
Калыңыраак салдырган.
Карап турган адамдын
Жөн эле мээрин кандырган,
Орумбоор, Маргалаң
Орто жерин калтырган.
Ошондон берки буланы*
Зордук менен алдырган.
Айчык-айчык жерине
Болоттон ийрип талдырган,
Арманы жок Каныкей
Акыл айран калтырган.
Айчык салып, күл коюп,
Арыптап* октон сологон.
Бул жыласты жасарда
Кан Манастын казына
Арбыныраак корогон.
Бет алышкан жоо келсе,
Бейпайлашкан доо келсе,
Маңдайлашып турушса,
Айбалта менен урушса
Айбалта менен бир салса
Алтымыш мылтык атылган,
Ажалга өзү катылган,
Тиктеп турса сары алтын
Тим эле адамдын мээрин кандырган.
Тоок көзү жыбырап,
Торгой көзү кыбырап,
Бек эптеген Каныкей
Безеленип зар ыйлап.
Берени Семетейге арынап,
Ичин кымбат ичтеген.
Сексен келин, сексен кыз,
Кызыл көйнөк, кымча бел
Кылпылдаган сулуулар
Кыйыгын койбой тиштеген.
Бүчүлүгүн бурдурган,
Топчулуктун түбүнө
Айза кирип кетет деп,
Жалаң болот тундурган.
Уз да экен Каныкей
Уздугунан эптеген.
Ургаачынын башасы*
Улук энем Каныкей
Уздугунан эптеген.
Машаанын мурду батпаган,
Барандын* огу кеспеген,
Айзанын учу тешпеген.
Ардактаган Аколпок
Айкөлдүн уулу чунакка
Семетейге кийгизип.
Кечээ, кабарында бар бекен
Ажыбай, Бакай каны бар,
Кыраандардын баары бар.
Алмамбет, Чубак теңиздер,

www.bizdin.kg



Серек, Сыргак эгиз эр.
Ырамандын Ырчы уулу
Ырдап турган кашында.
Адыкандын Акжолтой
Жолун баштап кашында.
Урунарга тоо таппай,
Ошол Манас көкжалың
Урушарга жоо таппай.
Кара болот Зулпукор*
Көөлөп турган кезинде
Кармашканды багынтып,
Ээлеп турган кезинде,
Таалайдын аман табында,
Көкжалдын аман чагында
Какылдаган карга жок,
Кукулдаган кузгун жок,
Медиандын чөлүндө
Кыябынан кабылган,
Кудай сүйүп табылган,
Билген адам айтчу эле
Асмандан түшкөн кисе* деп.
Билбеген адам айтчу эле,
Маргалаң чаап алганда
Молдолорун момойтуп,
Кожолорун кокойтуп
Тартып алган кисе деп.
Эми мындай деген оңобу?
Ала чапан азизди,
Журт алдаган оңобу?
Кыйкырып белге чалганда
Адам көөнү бөлүнгөн,
Бастырып чыкса барааны
Сан кишидей көрүнгөн.
Канга тойбос канкордун
Ардай болгон Буурулун
Алып токуп миңгизип,
Аколпокту кийгизип,
Манастан калган Ак кисе
Кынай белге чалды эле.
Асынганда жаныбар –
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого салганда
Аманат жандын эрмеги.
Атасы Манастан калган Аккелте
Айдалыга илди эле,
Алөөкөнүн Коңурбай
Душмандыгын билди эле.
Аргын, кыргыз аралаш
Бата* кылып күйүнүп,
Баатырдын жайы ушундай
Ок өтпөс кийим кийинип.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Жай-жарагын шайланып,
Жанына кылыч байланып,
Кайра дүмөк салчудай
Каары бетине айланып.
Белеси дөбө буткулдай,
Бейлин карап отурсам
Беттешкенди жуткудай.
Берендин уулу чунагын
Чоңдугуна караса –
Береги тоонун сеңирдей*,
Бет алып барып кол салса,
Беттешкенди жегендей,
Каарланып камынса,
Кан туруштук бергисиз.
Кайратына көкжалдын
Менде чыдап келгисиз
Бейжинде Калча кан эмес,
Ааламдын алпы чогулса
Семетейди жеңгисиз.
Кара чаар кабылан,
Жеңбей турган себеби:
Капталында чамынат.
Чолок көкжал арыслан
Оозун ачып араандай,
Жан-жанында камынат.

www.bizdin.kg



Алпкаракуш-зумурук*
Ала каччу немедей
Асмандан арбайтып,
Бутун сунуптур.
Атасы Манас арыслан
Көпкөрүнөө балага
Жолдош болуп туруптур.
Алмамбети, Чубагы
А дүйнө кеткен кыраны
Курчап сүрөөн салыптыр.
Колдогону бир тогуз –
Колдоп жатып калыптыр.
Аты Кызыр дийвана*
Кылооздуктан экөөлөп,
Оңкондотуп Буурулду
Он эки алпы жетелеп.
Чын колдогон артык бак,
Арт жагына бөктөргөн
Тоодой болгон алтын так.
Кийген тону Аколпок,
Асынганы Аккелте,
Айдаганы он төрт ат.
Огойдон он төрт ат алып,
Ойрон шердин баласы
Олуя чалдан бата алып,
Каалашары көп кытай,
Кармашары Коңурбай.
Эңишчү жоосу Эзкара,
Эңкейтчү жоосу көп кытай.
«Бекзаада* башым барында
Элимди кантипберейин,
Күчөгөн экен кытайга
Мен бир күпүлдөшүп көрөйүн,
Канзаада* башым барында
Калкымды кантип берейин,
Кутурган окшойт Коңурбай
Муну менен мен бир жолу
Кулжуңдашып көрөйүн.
Тирүү туруп кыргызды
Кытайга кантип беремин,
Кыжылдаган журт менен
Мен бир кырылышып көрөмүн.
Күрдөөлү жандын барында
Күлүгүм тандап минемин,
Күчөгөн экен бул кытай
Бээжинге чейин сүрөйүн.
Туура башым барында
Тулпарым тандап минейин,
Кармаша чыгып Калчаны
Так каканга чейин сүрөйүн,
Кан төгүшүп кармашып,
Кызыгып калган кытайды
Так Бээжинге чейин айдашып,
Казып койгон ор болсо,
Оруна түшүп өлөйүн.
Кайнатып койгон шор болсо,
Шорун кечип көрөйүн,
Кан төгүшүп, баш кесип,
Кызыккан кытай журт менен
Бир кыйракан түшүп көрөйүн.
Кызыл ала мунарык
Кыйкырса шамал бөлүнбөйт,
Кыргыздан тийсе колуна,
Кытайдын каны Коңур арам
Кылчаяр арам көрүнбөйт.
Жашыл ала сыр найза
Жан-жанын чапсак бөлүнбөйт,
Багынып берсек кытайга
Жан коёр арам көрүнбөйт.
Эңкейип берсек Коңурбай
Элдин баарын кырчудай,
Жайына койсо жаңжусу
Өз билгенин кылгандай.
Кыргыздын Бакай карысы,
Кыргын тийген немедей,
Кытай менен салышып,
Кырылып кетсин баарысы.
Калмакка журтту бергенче,

www.bizdin.kg



Калайык өлсүн, кан өлсүн,
Кагышкан журттун баары өлсүн,
Уялбай келген кытайды
Кантип улук кылабыз,
Бет алышып салышып,
Андан көрө журтту кыргын
кылабыз».
Деп, өшөнтүп, Семетей
Ардай болгон Буурулдун
Тартып оозун бурду эле,
Мына ошондо Семетей
Айзакерден ыктуусун,
Айласы толук мыктуусун
Толук жыйнап турду эле.
Белгилүүсүн, беренин,
Жоонун айласын билген эренин,
Акылман Бакай ыктуусун,
Эр Сары кан мыктуусун,
Эштектерден Жамгырчы,
Эл коргону мыктуусун,
Эрендерин, кандарын
Эр Семетей камдады,
Өңчөй кандын балдарын.
Кылычка даңгыл ыктууну,
Балтага камбыл мыктууну,
Баарын камдап турду эле.
Каарды канкор баштады,
Калың аргын, көп кыргыз
Айдап жүрүп кырат деп,
Атасынан бабасы
Канга тойбос канкоруң
Баарыбызды кыраар деп,
Мунун кармашканы Каканчын,
Кармашып жаны тынар деп,
Атасы Манас кабылан
Таласты күткөн жер жайлап,
Чоң канкордун тукуму.
Такыр айдап кыргызды,
Эми таза кырат кембайлап.
Мунун кармашары Коңурбай,
Зордугу тоонун теңиндей.
Анан айтканына көнөлү,
Буругуп калган канкордун
Айтканын кылып берели.
Аламан кирип согушка
Жаман өлөт экенбиз,
Кармашарым Каканчын
Жаман өлөт экенбиз,
Качып берсек кокустан,
Арам болот экенбиз.
Чындаш жооң Эзкара –
Чыңалуу кызыл темирдей,
Чын кайрат кылып урушкун,
Өз канынан кыргыз журт
Кырылып калды дедирбей.
Казабыз жетсе өлөлүк,
Кармашары манжуу журт,
Канкордун уулу чунакка
Караан болуп берели» –
Калың журт чуулап муну айтып,
Ак буудай унун чайнашып,
Кайра тарткан кишилер
Момунтип өлүп калсын деп,
Убаданы бек кылып,
Адам өлчү шерт* кылып,
Журт чуркурап, чуу туруп,
Каарды катуу баштады.
Малы түгүл жанынан
Такыр кечип таштады.
Ал аңгыча болгон жок,
Абасы Бакай карыя
Түк аянып калган жок,
Өлгөн менен арман жок,
Абасы Бакай муну айтат,
Адам көргүс шумду айтат:
«Алты айчылык Чоң-Бээжин
Чала жүргөн жол эле,
Алөөкөнүн Коңурбай

www.bizdin.kg



Кыргын салып кытайга журтум,
Ала жүргөн кол эле.
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Кайратсыз кытай калың журт
Аккула менен барбайып,
Каарланып бакырчу,
Караталдай кытайды
Каканды көздөй жапырчу,
Орто жерин Алакең
Оюп келип берчү эле.
Бир чекесин кан Чубак
Союп келип берчү эле.
Калдай четин кан Сыргак
Оюп келип берчү эле.
Арт жагынан Бакай кан
Сүрүп келип берчү эле,
Белгилүү кыйын бел эле,
Берен Манас барында
Ушул кол менен кытайды
Беш жолу алган эл эле,
Туу түбүндө* Семетей,
Туура эрдикке туруп бер,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Тынбай алты ай салышып,
Бул кытайды кырып бер,
Аргын каны Сары кан
Качпай тууну кармап бер,
Эштектердин Жамгырчы
Тынбай алты ай салышып
Сен керекке жарап бер,
Туу түбүнө туруп* бер.
Туйгун көкжал Семетей
А дүйнө кеткен шер үчүн,
Көкжал Манас эр үчүн
Көп жолдоштон айрылган
Көмүлгөн Бакай мен үчүн
Кыргынды кызык кылып бер,
Калдайдын уулу капырды,
Кан Коңурбай баатырды,
Кол айдаган эренди,
Козголоң салып кырк канга
Жыйып келген беренди,
Кол баштаган баатырды,
Каарланса калыкты
Кырып кетчү капырды.
Алөөкөнүн Коңурбай,
Балдар, кабарында бар бекен,
Көк болотун мокоткон,
Каарына алганда
Көлдү сабап жоготкон,
Бет алганды кор кылган,
Белести бузса жол кылган,
Көпту көргөн эр ошол,
Көрсөң Калча шер ушул.
Көк ала сакал чоң манжуу
Бул кытайдан чыккан шер ошол,
Кылым журттун баарына
Жаңжал салган эр ошол.
Жүрүмүнөн чаң чыгат,
Каарланган капырдын
Кайратынан жан чыгат.
Кара курттай кол алып,
Каптап келген капырдын
Калың колун кырып бер.
Калдайдын уулу капырга
Качпай жеке салышып,
Камбылыңар союп бер,
Кашайта көзүн оюп бер.
Кутуруп келген баатырдын,
Кулжундаган капырдын
Качпай алты ай салышып,
Бардык жиниң салып бер.
Башын кесип байланып,
Мен Бакай кан шордууга
Олжо кылып алып кел.
Кашайта көзүн оёюн,
Көргөзсөңөр Калчаны
Кыймалап кырып кытайды

www.bizdin.kg



Куурдак кылып тоёюн,
Айтканыма көнсөңөр
Башын кесип байланып,
Коңурбай кулуң мына деп,
Сүйүнчүлөп келсеңер
Адырда жылкы ала баш
Аргымак*, буудан аралаш
Айткан сөзгө көнөмүн,
Ат баштаган алты сан
Сүйүнчүгө беремин.
Коңурбай союп берсеңер,
Өгөөмдү коюп, бүлөөмдү ал,
Экөөмдү таштап, бирөөмдү ал,
Калкымды жыйнап, айлымды ал,
Койнумдагы кадырым билген
зайбымды ал.
Чубатылуу булумду ал.
Жалгыз эле, Байтайлак өңдүү
уулумду ал,
Төө кайтарып бергенге
Сүйүнчүгө өзүмдү ал».
Деп, өшөнтүп Бакай кан,
«Ай, Коңурбай!» – дегенде
Түтүн чыгып оозунан,
Ак сакалы суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Дартым бар деп буркурап,
Карыган Бакай абакең
Өксөп сөз айтып турду эле.
Ал аңгыча болгон жок
Алмамбет уулу Күлчоро –
Телегейи тең Чоро,
Шай колдогон шер Чоро,
Узун бойлуу кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Берен Алмаң көкжалдан
Белекке калып туулган.
Бет алганы кызыл өрт,
Душманга салган чуулган.
Ары балбан, ары шер,
Толкуну көлдүн шарындай,
Токтонбостон качырса,
Тоо туруштук бергисиз,
Душман чыдап көргүсүз,
Бой келбетин карасаң –
Жайнаган кызыл чок эле,
Телегейи тең эле,
Жаратып адам уулунан
Күлчородой кыраанды
Жакында бербейт деги эле,
Күмүш кисе курчанып,
Күлүңдөгөн кыраандын
Күндөй бети нур чалып,
Алтын кисе курчанып,
Айдай көкжал баланын
Айдай бетин нур чалып:
Жоо бөрүсү чунагың
Ажыдаардай* октолуп,
Мелмилдеген эки көз
Өрттөй кайнап чок болуп,
Кызыл болот бөрк* экен,
Кызарып күйгөн өрт экен,
Өрттөнгөн кызыл чок экен,
Адамдан бөлөк шок экен.
Кулак угуп, көз көргөн
Жаралган адам уулунда
Мындай неме жок экен.
Түгөнүп келген өзөндүн
Алкымынан бүткөнсүп,
Өзөндөн жүргөн желаргы
Салкынынан бүткөнсүп,
Берендиги бир башка,
Белгилүү көкжал көйкашка,
Жайнап кызыл чок чыккан,
Жоону көздөй бет алса,

www.bizdin.kg



Саадактан* болот ок чыккан.
Жүрүшүнөн чаң чыккан,
Салышынан кан чыккан,
Элтелеңдеп токтобой
Эки жагын караган,
Ач арыслан сүрдөнүп,
Эрди-мурдун жалаган,
Жоого ылайык жаралган,
Жоболоңдуу Чороңуз.
Жүрөгү майлуу болсун деп,
Казы-карта жедирген,
Каныкейдин эмчегин
Оңдоп-солдоп эмизген.
Атанын уулу экен деп,
Алптар көрүп жактырган,
Кирдүү көйнөк кийгизбей,
Жаман ашты ичирбей,
Эркелете бактырган,
Бек тентекти сомдогон,
Кыжырына тийгенди
Тезге салып оңдогон,
Он эки мүчө тең чыгып,
О дүйнө кеткен Алмамдан
Опсолоң туулуп, шер чыгып,
Оң далысы кең Чоро,
Ойротту бузган шер Чоро,
Серпип айза сайганда
Беттешип менде келбеген,
Менде чыдап көрбөгөн,
Ылаачындай Чоронун
Ыктуулугу дагы бар,
Жети түмөн кол келсе,
Жер силкинип мол келсе,
Жеке кирип кырууучу
Мыктуулугу дагы бар,
Балбандыгы башкача,
Шердик жайы дагы бар,
Жети сан* кара жоо чыкса
Жеке аралап кол салган,
Мыктуулугу дагы бар.
Чындап жини кармаса
Ташты чапса чок кылат,
Жети билек кол келсе,
Жер жарылып мол келсе,
Араласа жок кылат.
Сайышка кирсе сан колдой,
Сан жетпеген ыктуу кул,
Сайганда катар миң сайган.
Эрдиги эпсиз мыктуу кул,
Алаке кандан туулган,
Кытай турмак кылымды*
Кыйыгына тийгенде
Кыла турган чуулган.
Өчөшүнө тийгенде
Өзүнөн кайра кайтпаган,
Кыйыгына тийгенде
Кытайдан кайра тартпаган.
Сан кол болсо сапырган
Күлчоронун адаты.
Эр Семетей көкжалдын
Аман турса Күлчоро
Он эки куюк*, кырк чалгын
Семетейдин канаты,
Беттегенин кайсаган
Күлчоронун адаты.
Өрт экен деп кайтпаган,
Өлүм десе сүйүнүп,
Ажалдан кайра тартпаган.
Бул чунайган кысталак
Суу ич десе, уу ичкен.
Бөрк ал десе, баш кескен.
Кан төк десе, жин төккөн,
Мал сой десе, жоо сойгон,
Суу кеч десе, чуу кечкен,
Чуулгандуу эрениң
Канга кирсе канаты,
Кайнаган жоого кол салган
Качанда болсо оболдон

www.bizdin.kg



Күлчоронун адаты.
Желигип жини кармаса,
Жекенди белге курчанат.
Жети билек жоо чыкса,
Жеке аралап кол салат,
Күлчоронун шердиги.
Кудай урган кеп экен,
Бул кыргызга калганда,
Орнотуп койгон Таласка
Темирден кашаа чеп экен.
Ааламга жетет чамасы,
Ата жайын сурасаң –
Алакөң кандын баласы.
Айласы тегиз, кароо мол,
Боо чыдай албайт сансыз кол.
Эрендиги эпсиз эр,
Шай колдогон кайран шер,
Ата, берен эле Күлчоро.
Кытайга жалгыз кирер деп
Айласыз балбан, артык шер
Аман-эсен жүрөбү!
Адам, дагдыр жетип күн бүтсө,
Чиркин, кытайга барып өлөбү!
Аргын менен кыргызга
Маанайы кыйын башка эле,
Же баласы аман келеби?» –
Деп, калайык турду күйүнүп,
Адам, кайнына барчу немедей,
Кабагым-кашым дебестен,
Күлчороң кашкайып күлөт сүйүнүп.
Зыңгырап чиркин кенебейт,
Адам, жер жайнаган көп кытай
Муну бучкагына теңебейт*.
Күлчоро жайы момундай,
Сары кан Бакай алдына
Салып жетип келди эле,
Семетейдин алдына
Туура тарта берди эле.
Кылымды бузчу шер Чоро –
Кытайга барып тием деп,
Кызарып күлөт эр Чоро.
«Ата, кагылайын абалар,
Алакан жайып бата бер!
Кайнаган кытай капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Кагыш кылып көрөйүн,
Чамам келсе калдайдын,
Күл талканын чыгарып,
Балбанын эки бөлөйүн,
Дагдыр жетип күн бүтсө,
Агалар, сенин алдыңа
Курман болуп келейин!
Басташарым Бакбурчун
Калдайдын уулу капырга
Кан Коңурбай баатырдан.
Журтум ада кандын уулу эле,
Мен да кандын уулу элем
Кармашты катуу салайын,
Кан атам Манас, Алманбет
Өлбөсөм кегин алайын.
Кырганы келген кытайга
Кылычым сууруп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Сур тулпар каалап минейин,
Айза кармап, топ бузуп,
Дагдырым жетсе окко учуп,
Кагышты катуу салайын,
Кара кытай манжууну
Так Каканга айдап барайын?
Уңгусу мээнет, учу курч
Урушка кылган сыр найза
Ортосун кармап иейин,
Ушунчалык сан элдин
Улугу дейт Коңурбай
Мен бир ошол итке тиейин.
Чамам келсе манжуута
Бир чалкылдашып көрөйүн,
Чаркым жетпей баратса,

www.bizdin.kg



Кудай билет тартышты,
Кудай билет кайтышты,
Кош болгон жерде өлөйүн.
Менин тиктегеним эр Калча
Тушунан айза сунайын,
Тушуктурса жараткан
Каманча кайсап чалайын,
Чамам келбей кытайга
Чаркым кетип баратса,
Ошерден өлүп калайын,
Абакелер, аман бол,
Атышты арбын саламын.
Тирүү эле болсом мен Чоро
Аргын менен кыргыз журт
Милдетин өзүм аламын,
Убалы, сообу болобу,
Кайнап жаткан капырдан
Ажыратып аламын.
Күрдөөлүү башым барында,
Күлүгүм тандап минейин.
Күчөптүр ушул калмагың
Муну жерине чейин сүрөйүн!
Кайнаган кытай журт менен
Кан абалар, карап тур!
Мен бир кармалашып көрөйүн!
Кайран баш аман бар болсо,
Кыжылдаган кытайды
Мен бир силерге кызык кылып берейин.
Ак сакалдуу бабалар,
Алдымда көкжал абалар,
Алакан жайып бата бер!
Батаңды берсең аламын,
Кыжылдап жаткан кытайга
Кыргынды мыктап саламын.
Ок өтпөс тонум кийемин,
Он эки түмөн кытайга
Бүгүн бура тартпай тиемин.
Келиптир кытай кутуруп,
Кечүүсүн кенен чалайын,
Кез келтирсе кудурет,
Кечилдин каны Коңурбай
Кылычтап башын алайын.
Келберсиген арамды
Узунунан салайын.
Тулпардан тандап минейин,
Дуң-туңдун каны чочкого
Жеке өзүм барып кирейин.
Дагдырым жетсе өлөйүн,
Тынбастан алты ай салышып,
Кудай үчүн, журт үчүн
Кырылышып көрөйүн,
Кыргынды кызык саламын.
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Күлкүлүү кыргыз журтумду
Бул күндөн ажыратып каламын.
Өлүп калсам мен Чоро,
Ит териси кул элем,
Өлбөй жүрсөм мен Чоро
Кой териси уулу элем.
Береним көкжал Семетей
Белди бекем буушкан,
Өзүң менен туушкан,
А дүйнө кеткен Манастын
Ак белинен сызышкан,
Кайран энем Каныкей
Жатынын жара тээп чыгышкан,
Кай жерде Манас уулу элем?
Ыраазы болбойм мунуңа,
Абаке, кейибечи кулуңа,
Кул да болсом кутуруп,
Курган жаным кантейин.
Дегениңе көнөйүн,
Алыша кетсе Коңурбай,
Карап отур, абаке,
Мен бир аңтара сайып берейин.
Башын кесип келейин,
Сүйүнчүлөп кан абам,

www.bizdin.kg



Бир өзүңө берейин.
Дегениме көнө көр,
Кул деген атым жоголуп,
Кургуруң иши оңолсун.
Сүйлөгөн сөзүм ала көр
Эч болбосо аргынга
Кан көтөрүп сала көр.
Айтканым ушул билип ал,
Ардагым абам, тилимди ал».
Деп, өшөнтүп, Күлчоро
Жоо-жарагын жайланып,
Жоо бөрүсү берен кул
Жай-жарагын камданып,
Ок өтпөгөн себилден
Он эки катар кийди эле.
Баары болот темирден,
Бет алыша келгенде,
Жүрөгү майлуу шер Чоро
Жан аябай кетер деп,
Мушташып жоого жатер деп,
Айзага даңгыл Коңурбай,
Адис болгон союлгур
Айзага артык даңгыл кул,
Айзакерден абыдан
Жоонун айласын билген камбыл кул.
Ачыктап муштап алабы
Ала көөдөн шер эле
Өлүм болуп калабы?
Кабырганын себилди,
Колу менен Семетей
Ок өтпөй турган темирди
Омуроого салды эле.
Кара журттай кытайдын
Калкы каптап жетер деп,
Бөтөн жактан көрүнбөй
Бөйрөккө муштап кетер деп,
Аңдоосунан сайдырса,
Бөөдө ажалы жетер деп,
Бөлөк-бөлөк темирди,
Бөйрөккө койду себилди,
Маңдай-тескей турушса
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушса
Кандуу канга канышып,
Качпай туруп салышса,
Кытай кыйла журт экен.
Кыйын мүшкүл чыр салып,
Ат соорусун салышса,
Кужүрмөн Калча күчтүү шер
Артынан кууп жетеби?
Айдалынын бети деп,
Өпкөнүн төмөн чети деп,
Кокус кылып баланы
Кокус муштап өтөт деп,
Айза сайса мадаган,
Алалбай ар ким жадаган,
Айдалынын себили.
Аркасына тартты эле
Ок өтпөй турган темирди.
Темири болот бөлүм жок,
Берише* беш кол салбаса,
Керексиң деп жараткан
Өзү келип албаса,
Жоо жагынан өлүм жок.
Манастан уулу эр көкжал
Эрдигин эпсиз билгизип,
Эчен болот, ок өтпөс
Күлчорого кийгизип.
Жетимиш нарга* арттырган
Ыраңы жашыл көк куржун,
Атандык* эмес, лөк* куржун,
Көтөргөнү көп балбан,
Кымбаттарың барында
Кытайга салчу чоң жаңжал.
Көк куржунда бедел жок,
Ал куржундун ичинде
Эмнелер бар, нелер жок,
Ичин жибек иштеген,

www.bizdin.kg



Кош бүктөө салып тиштеген.
Жылан боор* бүктүрүп,
Жылас болгон кыраанды
Жымылдата тиктирип,
Карап турса жыбырап,
Адам көзү тайыган.
Болоттон кылган шибеге
Болжолу жок кайыган.
Айзанын учу өтпөгөн,
Ар болот чапса кеспеген,
Жакасы болот, жеңи алтын
Этегинде каты бар.
Эңишке балдар кийсин деп,
Энекең бейбак жасаган.
Катын окуп караса,
Ак чопкут деп аты бар,
Эрикпей балдар тийсин деп,
Каршылашып салышып,
Кажыбай жоого тийсин деп,
Бет алышкан душманын
Чөл түшүрүп* баарысын
Чөөлүктүрө сүрсүн деп,
Мээнет катын энекең
Белекке кылган ак чопкут,
Беренге берген арынап,
Эр мүчөлүү, энем шер
Уялуу кытай, улуу журт –
Көптүгү түмөн*, кара курт.
Калдайдын улуу капырга,
Каары мол Калча баатырга
Кагыш кылса кийсин деп,
Кармаша кетсе Калчаны
Так Каканга чейин сүрсүн деп,
Курап курчтан машаган.
Курган энең шуркуя
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Жети жыл тынбай жасаган,
Толгоп ийип бурдурган,
Аркагын болот жасатып,
Жан тозууга тундурган.
Токсон мыктуу балбанга
Караң калган жыласты
Токмок менен урдурган.
Атышка кирсе ок өтпөйт,
Өрткө кирсе чок өтпөс,
Жеткилең энең Каныкей
Бери карай чыгарда
Мунажат* кылып зар ыйлап,
Чунагы Күлчорого арынап,
Береним уулум кийсин деп,
Беттешкен жоосун сүрсүн деп,
Кажыбай жоого кирсин деп,
Койгулашкан душманын
Бет алган жакка сүрсүн деп,
Ата, энекем бейбак экен деп,
Анан кийин бул шордуу
Чын кадырым билсин деп,
Көк куржундун ичинен
Ак чопкутту* алды эле.
Берендигин билгизип,
Күлчорого кийгизип,
Жан-жанынан караса,
Жалаң болот бейдана
Жасаган экен Каныкей
Чын кайгырып, зар ыйлап,
Чын уулу Күлчорого арынап.
Тогуз бүчү тактырган,
Көөхардан топчу муштумдай,
Көрсөң кызык ушундай.
Чыдай албай зар ыйлап,
Берген экен чунагы
Күлчорого арынап.
Табылгы жакса чок өткүс,
Каран калган жыласка
Очогор атса ок өткүс,
Мына ошондой мыктуу тон
Күлчоро берен кийсин деп,

www.bizdin.kg



Кайнап жаткан капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Кажыбастан тийсин деп,
Кайран энең Каныкей
Каалап берген ак кұпү
Сыртынан баса кийди эле.
Толу бою топчулуу
Толтойгон беттин баарысы
Көк темир менен үпчүлүү.
Сапарга жүрсө сан колдой,
Алышка кыраан ак жолтой.
Серпишчү тону сексен төрт,
Серп алган жагы күйгөн өрт.
Калдайдын уулу капырга
Чоң кара атын байлаган,
Чогултуп колун айдаган,
Жаңжал десе шайланган,
Урушка мыктап камданган.
Учмакту-Бээжин чоң калаа
Урушка түмөн кол алган,
Түп көтөрө эл-журту
Түбүнөн бери куралган.
Жүрүшүнөн чаң чыккан,
Доошунан жан чыккан,
Белгилүү жайда туулган,
Өзү Бээжинге салган чуулган.
Каспан-Тоону четтеген,
Кагышкан жоону өрттөгөн.
Кара жолтой Калчага
Кандай адам беттеген.
Чылгый балаа Калчага
Беттешкен аман кетпеген,
Бадана кийип балкылдап,
Көөкөрдөй шуру таш –
Көрсөң Калча ушундай,
Төбөсүндө жаркылдап,
Коңурбай журтка дайын кан.
Урушка кирер чагында,
Улугу мындай кытайдын
Тоту куштун куйругун
Токсон түрлөп сайынган.
Бет алганын жегидей,
Жоо жагына камынган,
Көк күбөнү жамынып,
Көрсөң Калча Коңурбай
Көк жолборстой чамынып,
Тору ала желек булгалап.
Толуп жаткан кол айдап,
Албан түрлүү шер айдап.
Алда канча эл айдап,
Келген экен Коңурбай,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн шаштырып.
Куйуп өлгөн кытайдын
Кайсы бирин айталык.
Куйругу саяң, жалы аз
Кутургурдун Алгара
Кулан кууса кутkарбас.
Туягы болот, көпкөк таш,
Сайышкан жоого болгон маш.
Каарланып туктөйүп,
Каары бетине айланып,
Опол-Тоодой чоюн баш
Оң жагына байланып,
Жазайылын салынып,
Жайнап жаткан калың кол
Каптап кетчү немедей
Калган экен камынып,
Кериней-сурунай тартылып,
Керикке жүгү артылып,
Билге жүктөп ок алып.
Түпкү Бээжин улук шаар
Түбүнөн бери куралып,
Түгү калбай чочконун
Түгөл каптап өтүптүр.
Айгайды ар бир салыптыр
Эр Канчоро көкжалды
Тегиз каптап алыптыр.

www.bizdin.kg



Алты миң кытай, сан калдай,
Ошо жоонун артык эри Коңурбай,
Кебез белбоо, кең өтүк
Келберсиген доңуз ай.
Өзү айзакерден ыктуу кул,
Жоонун айласын ашкере
Билген мыктуу кул.
Эрдигинен эр Калча
Керүүгө салган там болгон,
Кечилге мыктуу кан болгон.
Керишкен адам жай болгон.
Кумурскадай кылкылдап,
Курчады кытай былкылдап.
Жарлык берип жаңжусу*,
Жабылып кытай жетти эле,
Канчоро байлап алууга
Кызыталак кытай журт
Кырк эки курчап өттү эле.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жабылган экен Чорого
Мөндүр кылып ок атып.
Бөксөдөн Калча кирди эле,
Мунарыкты, чокту көр,
Бурулбай тийген окту көр.
Түз каптаган колду көр,
Түгөнүп жаткан шорду көр.
Кырк уруу кытай кыжылдап,
Чогуу каптап жетер де,
Кыйыны Калча алдында
Кызык кылып токмоктоп,
Эми байлап кетерде,
Кумурскадай көп кытай,
Кыжылдап кирип кол салды.
Кара жагал Тагылык
Капталынан жабылды,
Токшугерден алптары,
Чоң Эзкара карысы,
Жабыла кытай өттү эле.
Топурак учуп, чаң каптап,
Толгон кытай эл каптап,
Жер көрүнбөй кетти эле,
Мына ошондо Канчоро
Тобокел өлсөм көөнүм деп,
Карсылдашып калышты,
Айзалашып ал кургур,
Карсылдашып салышты.
Эренден эчен кан өлүп,
Кез болгондун баары өлүп,
Маңдай-тескей турушуп,
Былчылдашып урушуп,
Мыктап кирди калың кол.
Калдайы байлап алчуудан,
Кыйын манжуу, тыргоот
Кыйратып азыр алчуудай,
Кылчайбай кирди согушка.
Ак күпү асыл тон кийип,
Суудай супсур ат минип,
Ал сур аттын куйругун
Сулуу бөлүп үч түйүп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк ала тоодой көрүнүп.
Жеткилең белин курчанып,
Жетип келген кытайга
Жеке аралап кол салып,
Алмамбет уулу кыраанын
Ажал жетсе өлөм деп,
Чамам келсе чапчышып,
Ал Канчоро агага
Караан болуп берем деп,
Калдайга кагыш салууга,
Эр Канчоро көкжалды
Ажыратып алууга,
Кыргынды кызык салууга,
Кылча көрбөй куу жанды,
Ажыратып алууга
Өөдө-ылдыйын карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Чегин бузуп, жол салып,

www.bizdin.kg



Кайнаган кытай, манжууга
Тике аралап кол салып,
Айза жеткен жерлерин
Айза менен аралап,
Кыйын жакын келгенин
Кыдыр чалган кургуруң
Кылыч менен жаралап,
Жети миңин майдалап,
Жеткен жерин айзалап,
Берени Калча кайдалап,
Кез келгенин айзалап,
Керишти кенен салды эле.
Жеке бала аралап,
Жер жайнаган көп калдай
Эр Канчоро баланы
Ажыратып алды эле,
Ажыратып турганда,
Алөөкөнүн Коңурбай
Тирүүсүндө сөзү ачык,
Ааламдан Коңурбай
Арта тууган кыраанын
Артыгынча көзү ачык
Балбанды көрүп бакырып,
Баланы көрүп бек сынап.
Кыйшая карап отуруп,
Кыябына толтуруп,
Кызык сынап баланы
Эзкарасын бакырды,
Шуру отогот, маржан таш,
Луң-туңдун канын чакырды.
Урушпай карап турбады,
Улук экен Коңурбай
Улуктун баарын жыйнады,
Карапчысын* калдайтып,
Манжуу каны Эзкара,
Кытай каны Тагылык,
Каткаландын Сайкалы,
Кара сакал, жөө желдет,
Ороктун уулу Оду кан,
Салышка кирсе сан колдой,
Сандап жаткан көп балбан,
Буйрук кылар карчыга
Булар келип турду эле.
Буларды көрүп алган соң,
Алөөкөнүн Коңурбай
Артык дүмөк кылды эми,
Каарланып Коңурбай
Кайратты катуу баштады,
Калдайларын, кандарын,
Канча түмөн жандарын
Кырып ийе таштады.
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күчтүүсү келип турду эле,
Алөөкөнүн Коңурбай
Манжуусуна, шерине,
Кайнаган кытай элине
Сөзүн уруп турду эле:
«Көрдүңөрбү, калайык,
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби,
Тетиги суудай сур ат миңген,
Сур атынын куйругун
Сулуу байлап, чарт түйгөн,
Узун бойлуу, кең далы
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Ала көөдөн, таш жүрөк
Ал Алмамбет уулу экен.
Күткөн бурут калкы бар,
Кармашканды жөн эле
Канын ичмей салты бар,
Атасынан бабасы
Азиз кан эрдин тукуму.
Алтын тагын май кылган,
Ачуусуна тийгенде
Атакеси Азиз канды жай кылган,
Күмүш тагын кан кылган,
Өчөшүнө тийгенде
Өз атасын жай кылган,

www.bizdin.kg



Өрттөнгүрдүн тукуму
Өзү кыргыз элинде
Өрттөнүп өлгөн бул бала,
Бизге душман зилинде.
Муну аман койсо оң кылбайт,
Эзелде бизди соо кылбайт,
Берен да экен, шер да экен,
Өзү жоонун айласын
Артыкча билген шер да экен.
Чын атасы Алмамбет
Чыма-чындын каны эле,
Чын кыргын салып Бээжинге
Менин чын душманым ал эле,
Бул Күлчоро оңбогур
Так ошондон калды эле.
Көңүлү калып Бээжинден
Көчүп кеткен Таласка.
Чоро болгон атасы
Жакыптын жалгыз уулу Манаска.
Талас өңдүү жер күтүп,
Канкор* Манас эр күтүп,
Кыйбаты кымбат жан болуп,
Мунун кызыталак атасы
Кыргызга барып кан болуп.
Билемин деп жолдорун,
Буруттун жыйып зорлорун,
Манастын айдап колдорун,
Кыргынды кызык салды эле.
Ааламдын калкы жыйылып.
Тынбай алты ай салышта
Кытай менен буруттун
Канча калкы кырылып,
Камап Бээжин жерди алып,
Жерди күткөн элди алып,
Калдайдан канча кан өлгөн,
Кагышкан жандын баары өлгөн.
Жерге каньк, эл билгич,
Жетик балбан Алмамбет
Каарды катуу баштаган,
Кырк уруу кытай Бээжинди
Кыргын кылып таштаган.
Алтын олжо, узду алган,
Оймок ооз, кумар көз,
Ойдологон бото көз
Өзү тейтей* кызды алган.
Калдайдан эчен кан өлгөн,
Кан Алмамбет себепкор
Кагышкан жандын баары өлгөн.
Темир аркан Чоронун
Теңи калбай кырылган.
Темир канжарколчонум*
Алаңдан темир алп өлгөн.
Ат оюнчу, жөө күлүк*
Менин баатырларым жалпы өлгөн.
Бээжинден эчен бек өлгөн,
Беттеше келген шер өлгөн.
Орго, Дөңгө алп өлүп,
Ойлосом эчен калк өлгөн.
Ордону бузуп, жол кылып,
Кырк дарбаза Бээжинге
Кыргыздан Манас канкорду
Ал Бээжинге зор кылган.
Бу кызыталак Алмамбет
Ааламга жеткен чамасы,
Мени менен ал чочко
Ага-ининин баласы.
Чет-Бээжин элин четтеген,
Чеп-жек, тыргоот элимди
Ченебей кирип өрттөгөн.
Каканчы журтун камаган,
Бере Чалиар* тийбес Бээжинди
Чаркын жаман кетирип,
Алмамбет жаман камаган.
Ак казына, сан дүйнө
Кызыталак бул бурут
Жаман кылып талаган.
Дүмөктү түптүз баштаган,
Ак үйлүү* болуп турганда

www.bizdin.kg



Атам Алөөкө союп таштаган.
Айтсам далай кеби бар,
Атабыздын кеги бар,
Чет-Бээжин шаарын четтеген,
Кечээ, тыргоотту жаман өрттөгөн.
Кызыталак бурутка
Алышып менде жетпеген.
Какандын журтун камаган,
Тыргоот тыйпыл бүт кырып,
Калмактын журтун камаган.
Кырышып айла жете албай,
Кытайдын журту жадаган,
Бээжинди бузуп, жол салган,
Баары менде чаркы келбеген,
Ушул Бээжинди чаап бир алган.
Бээжинди чаап алганда
Белгилүү дүмөк, мүшкүл иш
Бегирээк кылган жаман иш.
Колуна алып кытайды
Бээжинди үч жыл сураган,
Сурагына чыдабай
Какандын калкы кууратан.
Алымын* артык баштаган,
Алымына чыдабай,
Кырк кандын эли кытай журт
Кырылып кете таштаган.
Белгилүү берен кан өлгөн,
Беттешип кирип Бээжинден
Белгилүү жандын баары өлгөн,
Бээжин бейпай, чоң дүмөк,
Бээжинге бейпай баштаган,
Бээжиндеги улук кан
Койбой кырып таштаган.
Кан Алмамбет жол баштап,
Кабарында бар бекен
Каарды катуу баштаган.
Топон суу жетпес Чоң-Бээжин
Токтоно албай калтылдап,
Кырылып кете таштаган.
Ал Алмамбет түгөттү
Айта берсем чоң кызык,
Бээжинге салган чоң бузук.
Алтын тагын май кылган,
Ачуусуна тийгенде
Атасы Азиз канды жай кылган.
Күмүш тагын кан кылган,
Чын жинине тийгенде
Өз атасын жай кылган.
Мен Бээжинде турганда
Алты күлүк ат барып,
Таш-Көпүрө шаарынан
Азиз кан баштап сан төрө
Алмамбеттен өлдү деп,
Кайра келбес чын жайды
Кайран кандар көрдү деп,
Ороккыр кабар бергенде
Бекерге карап турбадым,
Кытай милек, ал жалгыз
Кылымдан балбан жыйнадым.
Ал балбандын ичинде
Жүрүшүнөн чаң чыккан,
Кобурунан жан чыккан
Жору куйрук Жоон алп,
Кайраты жетик Каман алп,
Кулагы темир Кутан алп,
Киндиги темир Китен алп,
Карагер минген Камбыл алп.
Темир аркан торчонум*,
Тегиз канжарколчонум
Тегеректеп кол салдык.
Өлбөгөн жерден калышты,
Былкылдак куурай бышканча,
Мыйзамдын күлү* учканча
Мыктап алты ай салышып,
Каарды катуу баштаган,
Жору куйрук Жоон алп,
Кайчы кулак Каман алп
Бу кара жолтой кысталак

www.bizdin.kg



Ошону кырып таштаган.
Кыргын кылып баарымды,
Кыйраткан эчен канымды.
Көктөн булут тутулуп,
Кырк кез* чепке салганда
Көрүнөө качып кутулуп.
Мындан барып казакка,
Казактан тентип азапка,
Талас өңдүү жерди таап,
Буруттан канкор эрди таап.
Мунун укумунан тукуму
Ойлосоң бурут дининде,
Тутанып өлгөн кысталак
Бизге душман зилинде.
Бул Алмамбет уулу Күлчоро
Атасын тарткан шер экен,
Кабарын карап отурдум,
Оң далысы кең экен,
Өрттөнгүр жайын карасам,
Ойротту* бузар шер экен,
Канкордун уулу болбосо,
Семетейден Чоросу
Айза салым эр экен,
Ошол Алмамбет уулу Күлчоро,
Бул тозоку Чоронун
Толкуп кеткен жерине
Тоо туруштук бергисиз,
Токсон миң балбан кол салып,
Жанына чыдап келгисиз,
Берен да экен, шер да экен,
Белгилүү кыйын эр да экен,
Бет алган талкан болгондой
Мендеден бөлөк эр да экен.
Кыйла дөө менен беттештим,
Мунун кыйын экен салмагы,
Бет алышкан эрендин
Чыга турган далдалы,
Сөлөкөтүн, сөлбөтүн,
Атка минген келбетин
Абайлап карап отурсам
Кыргызга бүткөн кызыл туу,
Кытайга салат ызы-чуу.
Керүүгө салган там экен,
Бул кысталак Күлчоро
Керишке тууган бала экен
Мунун Кең-Колдон көчкөн көчү бар
Уйпалып кеткен бул чочко
Уруштан жанын аябайт,
Ошол менде өчү бар.
Мунун өчү болгон себеби –
Кечээ кытай, бурут урушуп,
Кыргын болуп турганда
Айчыгы алтын кара туу
Балбандарга карматтым,
Жалгыз көздүү беренден
Тетиги мазаңшан журтун айдаттым
Эр Кожожаш мергенге
Акбалтай уулу Чубакты
Улакан уулу Сыргакты,
Азиз кандын Алмамбет,
Буруттардан Музбурчак,
Кзактын Көкчө карысын,
Кыраан Манас баарысын
Кожожашка аттырдым.
Айтсам далай кебим бар,
Ушу кызыталак бурутка
Кандуу моюн* атыгып,
Канкор болгон жерим бар,
Эми жан аябай кирүүчү,
Бул арамдын кеги бар.
Жаңжал айза сунганда
Жер туруштук бергисиз,
Жандын баары катылып,
Бул экөөнү жеңгисиз.
Түйшүктү түптүз салалы,
Колуна тийсе экөөнү
Тирүү байлап алалы.
Чыма-чын, Какан, Бакбурчун

www.bizdin.kg



Мунун чын киндиги Каканчын
Лунтуң, Кеңтуң, Дыңшага
Улугун жоксон кылдык деп,
Сүйүнчүлө мынчага.
Калдайларым, шерлерим,
Урушка кылдат эрлерим
Качырып айза салыңар
Кара жолтой бурутту
Калтырбай кырып салыңар.
Калып калса бул бурут
Бек талкалайт Бээжинди,
Бейпай кылат элиңди.
Каранды катуу баштайт,
Кайра тиет жылкыңды.
Бул кызыталак кыйбасты
Кыргын кылат журтуңду
Кылча жанын аябай,
Жана кыйратып чачат мүлкүңдү.
Үзөт темир торуңду,
Кыйратат кытай колуңду,
Бул өрттөнгүрдүн тукуму
Өлбөсө кылат сонунду.
Калдай, дөңдү каныңды,
Калтырбай кырат баарыңды.
Белсенип салса бул бурут
Бекем жерге жол салат,
Бээжинди бузуп кол салат,
Сенин бериңди айзалайт,
Бет алган жерин айдалайт,
Бейжиниңди майдалайт.
Майдалай турган себеби –
Бул кызыл болот бөрк экен,
Кызарып күйгөн өрт экен,
Борумун карап болжодум –
Ок жетпеген аты бар,
Айза өтпөгөн тону бар,
Адамдан бөлөк баркы бар
Илгерки кеткен шерлерден,
Кан ичме канкор эрлерден
Бу канчалык өөдө каркыбар,
Берендерден туулган,
Беттешип азыр сойбосок,
Бек урушуп койбосок,
Бээжинге салат чуулган.
Урушпай тиет жылкыңды,
Бул уйпалган канкор тукуму
Жөн эле умачтай* ачат уйкуңду.
Бул барып кырат элиңди,
Бабамдын өчүн бергин деп,
Жөн эле ташталкан кылат
Бээжинди».
Бул жылоого* алат узуңду,
Жылмайып кеткен бул бурут
Мунун байыркы жини кармаса
Жөн эле олжого алат карыңды.
Оолугуп кетсе бул чунак
Кырк эшиктүү Чоң-Бээжин
Кыяптуу жерин чаң кылат,
Бул кысталактын тукуму
Бул кытайдын журтун даң кылат.
Кыжырланса бул канкор
Кыйлаңарга чаң кылат,
Мындан кылча жанды аябай,
Журтум, кыргынды кызык
салгыла.
Кылча койбой кыргыздын
Журтум, кылычтап башын алгыла.
Мындан кылайтып тирүү таштабай,
Муну кыргын кылып салыңар!
Журтум, кыйраткыла калаасын,
Тирүү кармап берегөр,
Жана Алмамбет кулдун баласын!
Жан аябай жетиңдер,
Кылча жанын аябай,
Журтум, кыргын кылып өтүңөр.
Кылчактаса окустан,
Бир жерден алалбай калсаң
кокустан,

www.bizdin.kg



Жаңжалдашып турушсаң,
Айза сунуп, жаа тартып,
Карсылдашып урушсаң,
Булар каканга чейин сүрөт ко,
Кагышты катуу салат ко.
Бу Каканга чейин кубалап,
Бизди калтырбай, кырып салат ко.
Бет алса кылат бизди түз,
Бейпайлашса кокустан
Мээнеттүү жандан күдөр үз!
Турбай согуш салсаңар,
Бул арыслан шердин балдары
Тулпарларын туйлатат,
Таш сайынган балбанын
Такыр бирөөң таштабай
Тазаларың кыйратат.
Буурсунду бурдурбайт,
Мынчасында албасаң
Бул Бээжинге тургузбайт.
Шамыянды* шайлатпайт,
Кошоктоп өгүз байлатпайт,
Эгин-тегин айдатпайт.
Жердин үстүн ачтырбайт,
Кочууч эгин чачтырбайт.
Кордоп жатып бул кылат,
Деген сөзгө көнгүн деп,
Айласы келсе чатагы
Атамдын кунун* бергин дейт.
Журтум, кунун берсек Манастын
Башыңан туман кетеби,
Мал менен башың мындай кой,
Кызыл көйнөк, айча* бел,
Кылпылдатып сулууну
Кармап берсек Бээжинден
Ал канкордун кунуна
Бээжиндеги кырк кандын
Малы-башы жетеби?»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Каарды катуу баштады,
Жан-жуңдун журту жабылып,
Тыргооту бүтүн камынып,
Манжу, шиве, калмагы
Журт чуркурап, чуу туруп,
Чогулушуп алганы.
Мына ошондо Коңурбай
Алты миң кытай, сан калдай,
Алөокөнүн Коңурбай
Аскери түмөн бир далай,
Көөхардан топчу муштумдай,
Көрсөң түрү ушундай.
Кең Бээжинде туулган,
Керишип далай жан союп,
Бээжинге салган чуулган.
Жүрүмүнөн чаң чыккан,
Алөокөнүн уулунун
Доошунан жан чыккан,
Тогузга жашы толгондо
Каарды катуу баштаган,
Бээжинден кандык талашып,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүн кырып таштаган.
Алгарасын алкынтып,
Эр өлгөндөй жулкунтуп,
Теминөөрү телпилдеп,
Жолум үйдөй кара чач
Жолуң каткан Калчанын
Аркасында селкилдеп.
Алөокөнүн Коңурбай
Адамдан артык туулган,
Бээжинге салып чуулган.
Коңурбай үнүн укканда,
Бузулуп манжуу топтоду
Кызыталак кара жер
Калтылдап кетпей окустан,
Калыңынан токтоду,
Чамынганда Коңурбай
Ааламдын баарысын
Азырынча күткөндөй,

www.bizdin.kg



Калтылдап кетпей кара жер
Адам, калыңынан түткөндөй.
Көөхардан топчу муштумдай
Алөөкөнүн Коңурбай
Көрсөң түрү ушундай.
Көк ала сакал чоң манжуу,
Көркөмдүгү көлтөйүп,
Түптөгөн тоонун сеңирдей,
Түрү суук эр Калча
Түрүшсө жанды жеңгендей,
Айбаты суук, эр Калча
Көз жетпеген белестин
Урчугунан бүткөндөй,
Мунарык тарткан белестин
Тумшугунан бүткөндөй,
Бу дүнүйө караанды
Колу менен талкалап,
Кордук салып күткөндөй,
Адам эмес, Калчадан
Айбаттанып качырса
Чалкып жаткан дарыя
Суулугуна түткөндөй,
Кыйкырып кирсе кылымга
Кызырканса Калчага
Кыргыз эмес караанга
Кылым чыдап түткөндөй.
Кыжырданса кокустан,
Кылымдын баарын күткөндөй.
Кумарланып жөө десе
Куруп калган эр Калча
Каарланды бакырып,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн чакырып.
Каарланды, түрлөндү,
Арсыландай күүлөнүп,
Кайран Калча сүйлөндү:
«Ойлодуңбу, балбаным,
Ойношоруң бурут журт.
Менин бул жинимди эске алып,
Айза сунуп айкырып,
Күлчорого жеткиле,
Кылча калбай кырылып,
Кыргын болуп кеткиле,
Карагул өңдүү каным өл.
Ал Карагул өлгөн соң,
Калбай чогуу баарың өл!
Кыйла эскирген карыңар,
Кыргын тийген немедей,
Карсылдашып салышып,
Кырылгыла баарыңар!
Айкырышып турушкун,
Бирөөнө миңиң жабылып,
Аламан уруш кылышкын,
Жан аябай жабылып,
Бурут менен урушкун!
Азапты арбын салгыла,
Атаңдын көрү, Чорону
Тирүү байлап алгыла!
Мына көк ала сакал чоң Бакай
Манастан артык эр эле,
Уйпалап жоксон кылгыла!
Ушу жоонун айласын
Ашкере тапчу неме эле,
Ошол кысталак Бакай жоголбой,
Кытайдын иши оңолбойт,
Капыр чал Бакай жоголбой,
Калмактын иши оңолбойт.
Бакайдын жайын сураба –
Белгилүү ошол, бел ошол,
Бул бурутка туулган
Белгилүү Бакай эр ошол.
Айласы тегиз, каары күч,
Аттанса кылат жоону түз,
Туу кармап Бакай тим турса
Тим эле, өлдүм деп жандан күдөр үз.
Мендеден бөлөк жаны бар,
Белгилүү Бакай кабылан,
Беттешкен жоонун ичинде

www.bizdin.kg



Туучунак минген Сары кан,
Бейлесең кытай, кебимди ук,
Бек душман бизге абыдан!
Эй, журтум, эңкейиште чөп экен,
Кытайдын калкы көп экен,
Өөдөгө чыгар бас экен,
Буруттун калкы аз экен.
Аз элди көп эл коёбу,
Кызыталак бурутка
Кылчайган адам болобу.
Сунгандан Бээжин тартабы,
Сумсайга кайра кайтабы,
Өлүмдөн какан качабы,
Өлүшпөй Калчаң жатабы!
Чет-Бээжин жайлап жатканда
Бурут алды жылкымды,
Бузуп кеткен мүлкүмдү,
Өрттөдү Кең-Туң шаарымды.
Өлтүрүп кетти Карагул аттуу
канымды.
Эми мен кыргызга келип
кайрылдым,
Каным Карагулдан айрылдым,
Бээжинге кантип кетемин,
Он эки капка Бээжиндин
Ойлосом жолун чаламын,
Кыргын болбой кыргыздан
Кылчайбай кантип кетемин.
Буйрук кылам, угуп ал,
Айтканым ушул, билип ал!
Ай, кытай журт, тилимди ал!
Айткан тилди албасаң,
Айдаган жолго барбасаң,
Кыргызга уруш салбасаң,
Кыйын качсаң баарыңды,
Кылайтып койбойм жаныңды!
Алптарыңды, дөөңдү,
Акыры кырам ээңди.
Кызык уруш салбасаң,
Кызыталак бурутка
Кырылышып калбасаң,
Кыргынды кызык саламын,
Кылычтап кырып баарыңды
Кыргын кылып барамын.
Манжууларды байлаймын,
Карап кылып каныңды
Калтырбай айдап баарыңды,
Көргөзбөй соём шаарыңды.
Кагыштын жайы ушундай –
Кара мылтык* карс этсе,
Качканың менен өлөсүң,
Чогоол мылтык* чорт этсе,
Чочусаң бирди көрөсүң,
Чогуу каптап кетпесең
Каканга бирөөң тартпайсың,
Кармашарым бул бурут
Элиңе бирөөң кайтпайсың!
Чапчышарым Семетей,
Зордугу тоонун теңиндей.
Алдырды кытай бурутка
Кырылып калды дедирбей,
Кармашарым кан Бакай,
Карап турчу эр эмес,
Капталдан жаасын жаадырбай.
Атаңдын көрү, кытай журт,
Маңдай-тескей туруш сен,
Чоюн баш шилтеп, балта уруп,
Жаңжалдашып урушкун.
Каканчын калкы бар,
Кара жанга күч келсе
Качып бермей салтың бар.
Кадимкидей качсаңар
Калкым, менден көрөсүң,
Кармашарым бул бурут
Калбай чогуу өлөсүң.
Менин астымдагы Кара атым
Кара атымдын бар эле
Капталында канаты.

www.bizdin.kg



Качкан элди кыйраткан
Кайран Калча адатым.
Айзакерден эреним,
Артык балбан береним,
Ажалдан киши кайтчу эмес,
Өлүмдөн адам тартчу эмес,
Кабылып кирип, кан өлсүн,
Кармашкан жандын баары өлсүн!
Кызыталак бул бурут
Каспан-Тоодон жылкы алып,
Тим жаткан журтка кол салып,
Кутурган окшойт куу бурут
Качпай согуш салууга,
Кандарын байлап алууга,
Бээжиндеги зор канга
Сүйүнчүлөп баруга.
Бузулуп кеткен буруттан,
Бул бурут деген журуттан,
Мурдагы кекти алууга
Жабылып журтум жеткиле,
Койбой калкын кыйратып,
Кыргын кылып өткүлө.
Кыйындарын кыргыла,
Калтырбай кырып баарысын
Кара элечек кылгыла,
Сураса бербес малына
Суук укурук салгыла!
Жалынса бербес бууданын
Жайдак коштоп алгыла!
Жабыла каптап бурутка
Жазганбай согуш салгыла!
Эрениң чык, шериң чык,
Аябаган эриң чык,
Айзакерден ыктууң чык.
Караңгыда кармашса
Качпай чалма уруучу,
Туу түбүнө туруучу
Миңден баатыр бириң чык.
Ат көтөрбөс алпың чык,
Уй түгүндөй көп кытай
Теле, тирүүң калбай, жалпың чык.
Алышса жанды койбогон,
Бир доңуздун этине
Бир жегенде тойбогон,
Беттешсе жанды койбогон,
Пендеден мындай шериң чык.
Каттаса карга куткарбас
Ат оюнчу, жөө күлүк
Кармашкан жоого кезиктик.
Каптап талап бурутка
Калайык салгын чоң бүлүк,
Токушкерден Акаяр
Толтура балбан сен дагы,
Эми толкуп уруш сал дагы.
Бул толкушуп жаткан бурутка
Токтотпой талап ал дагы.
Айласы жетик, ыктууң чык,
Айзакерден мыктууң чык,
Аябаган шериң чык,
Жоонун айласын абыдан билген
эриң чык.
Кыргынды кызык салгыла,
Бу кызыталак кыргызды
Кыздарын талап алгыла.
Адырдан тийип бээсин,
Жакын келсе бурутту
Жайнага мушта мээсин.
Аскер каптап топурап
Асманга учсун топурак,
Эпсиз эрдик салгыла,
Түгүн койбой буруттун
Түгөл кырып салгыла.
Баштык эрин кыргыла,
Баарысын олжо кылгыла!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Манжууларым, кандарым,
Артык эрен шерлерим,
Жоонун айласын билген эрлерим,

www.bizdin.kg



Каарландык какайдык,
Кагышты катуу салалы.
Төрөсүн топтоп кыралы,
Карасын карап кылалы.
Буудандарын камайлы,
Бул кысталак буруттун
Букарасын талайлы.
Эрдикти эпсиз салалы,
Элинин баарын кыйратып,
Казынасын алалы,
Кутуруп турган бурутка
Кыргынды кызык салалы.
Аламан коюп, кол салып,
Кол чабуулун мол салып,
Кыйратып ийип, олжо алып,
Кызыталак бурутту
Аламан чабуул чечели,
Атышып башын кесели.
Атка минип шоңшоңдоп,
Желбегендей кылалык.
Чабуул коюп Бээжинге
Мындан кийин кутуруп,
Келбегендей кылалык.
Таласын курчап алгыла,
Такыр кырып бурутту
Айлын апат кылгыла.
Чоңуна дүмөк салгыла,
Чочубастан урушуп,
Чогуу каптап алгыла.
Олжо кылып билди алып,
Билге жүктөп дилде* алып,
Кара көздөн миңди алып,
Таласын камап, жерин ал,
Талкан кылып элин ал,
Менин айтканым ушул, көрүп ал!
Тумандап айза сунушкун,
Турбай алты ай урушсун.
Согушка кирсең четтей көр,
Бу жоонун эң мыктуусу Семетей,
Камбылдарым, шерлерим,
Кайраты толук эрлерим
Күлчорону көздөй көр!
Экөөн кармап алсаңар,
Чаянын кармап алабыз.
Букарасын чуулатып,
Олжого анан канабыз,
Олжо кылып бурутту
Каканга айдап барабыз.
Кебим ушул, балбандар,
Кылчактабай бек туруп,
Кармашты катуу салыңар.
Бул көк ала сакал чоң манжуу
Көркөмдүү шериң Коңурбай
Бул акылын алыңар.
Чабуулду жакшы чечүүгө,
Бет алса башты кесүүгө,
Кыргын кылып, чуу кылып,
Кыйратып кырып өтүүгө,
Айзага даңгыл ыктууң чык,
Кылыч тийсе кыңк этпес,
Кулунуң калбай, мыктууң чык.
Атышты арбын салчуң чык,
Жети миң колго кол салып,
Кагыштан кайра кайтпаган,
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Туу түбүнө турчуң чык.
Өлүп калса сөзү ачык,
Айласы толук, көзү ачык,
Мына ошондой эриң чык.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Кынсыз кылыч байланган,
Кыргын десе шайланган,
Азаптан кайра тартпаган,
Өлүм десе качпаган,
Жадыгөйү билинген,
Кары канга атанып,
Баатырым, балбан дедиртип,

www.bizdin.kg



Даңзасына* чийилген,
Ичсе канга тойбогон,
Алышса жанды койбогон,
Энеси Инди жалабы,
Силер менен эңишкен тирүү калабы?
Эңкейтип менде алабы?
Жолу жок жерден жол тапкан,
Тоону талкан кылчулар,
Ат, эренди көп сынап,
Адис болгон сынчылар,
Эл бийлеген зардалым*,
Эч ким чыдап албаган
Айланайын балбаным,
Чабуул чечип турушкун.
Коңурбай буйрук кылды деп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Чалкылдашып урушкун!
Баатырыңар, карыңар,
Жоого каршы барыңар.
Жолборсуңар, шериңер,
Таш-талканын чыгарып,
Кызыталак бурутту
Талап жатып калыңар.
Оймолуу жагдан*, он килем
Жөн эле ойноп чаап алабыз,
Ногойдун жайын мен билем.
Кырманы жагдан, кырк килем,
Мунун кымбаты Манас шери жок,
Кыргыздын жайын мен билем,
Жөн эле кыйратып чаап алабыз.
Кыйратсак олжо биздики,
Кара эгинден күрүч көп,
Кызыталак кыргызда
Калайынан күмүш көп,
Боз коёндон түлкү көп,
Мында босого жыйган мүлкү көп,
Мында карасынан каны көп,
Мында адырда күткөн малы көп.
Алсаң кытай ушундай,
Кызыталак буруттун
Кыйын олжо жаны көп.
Талоонду таза салалы,
Талыкпай кирип урушуп,
Талап жатып калалы!
Айзаң болот учтууң чык,
Алты миң эрдик күчүң бар
Аябаган мыктууң чык.
Камбылдарың, шерлериң,
Кагыштын жайы ушундай
Качырып кол сал, эрлерим!
Бил көтөргүс Акаяр,
Сенин балбандыгың бир далай.
Коңурбай буйрук кылган соң,
Кагыштан кайра баш тартпай,
Каптагын деп турган соң,
Күжүрмөнү, балбаны
Бээжиндиктин жаңжалы
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Бил көтөргүс Акаяр,
Манжуу каны Эзкара,
Кара жагал Тагылык
Кайнап жаткан көп улук,
Каарланса кан аты
Аламан жоого киреrде
Кызыталак Калчанын
Кыла жүргөн адаты.
Кыйлага жомок көп айтып,
Какан журту калбастан,
Каптагыла деп айтып,
Он башылар* ороңдоп,
Элүү башы сороңдоп,
Миң башысы чуу туруп,
Каптачу колун баштады,
Кара калмак манжуусу.
Айзанын башы чабышты,
Коңурбай буйрук кылган соң
Адамдын башы кагышты.
Жээк тартып кылкылдап,

www.bizdin.kg



Жергелешип былкылдап,
Ай касаба туу болуп,
Кудай бетин көргөзбө?
Асман жарган чуу болуп,
Балбандары бетинде,
Баатырлары четинде,
Айзачаны артында,
Кылыччаны бетинде.
Асман ачык, жер бүркөө,
Жер айгайлап кол толуп,
Жер жайнаган мол болуп,
Түшсө киши чыгалгыс
Темир кынжы* тор болуп,
Ичинде Калча чоң болуп,
Күрмө кийген балбаны
Күчтүү жаңжал салганы.
Очогор бекем атылып,
Жаа-саадактын огуна
Ажалдуу менде чатылып,
Кулак тунган дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Мендеден бөлөк түрү бар,
Каптап кетсе капырдын
Как ушундай жини бар.
Кайнаган түмөн калкы бар,
Кармаша кеткен душмандын
Так эле канын ичмей салты бар.
Темирден түйгөн тору бар,
Жеткилең экен Коңурбай
Жерге сыйбас колу бар.
Кайнаган Калча калкы бар,
Кабыла келген менденин
Канын ичмей салты бар,
Албан түрлүү эли бар,
Каарына алганда
Каптап кетмей сели бар,
Каптап кетер себеби –
Кап-Тоодон артык зордугу
Кайран Калча шери бар.
Серпишип адам чыдайбы
Жерге сыйбас эли бар
Коң төрөнүн бузугу,
Каптаган колдун бузугу.
Кумурска, чиркей куртту көр,
Ошол куртчалык кытай журтту көр,
Кум-Кыянын жээк жол
Жайнап чыгып келатат,
Таш-Кыянын түзүндө,
Жайнап чыгып келатат,
Сары өзөн талаа былкылдап,
Кайнап чыгып келатат,
Домпоңдогон жөө туман
Жөө туман десе эл экен,
Күн чыгар жагы Ала-Тоо –
Асман жарган бакырык
Ала-Тоонун бети экен.
Күн батыш менен күн чыгыш
Эки ортосун карасаң,
Батпаган кытай эл экен.
Кашкулак көрсө кармап жеп,
Суур көрсө сууруп жеп,
Карга көрсө кагып жеп,
Доңуз көрсө тозуп жеп,
Толгон кытай эл экен,
Кыргыз эмес кылымды
Каптап кетер эп экен.
Албан түрдүү балбаны,
Ааламга татыйт турбайбы,
Коңурбайдын жаңжалы.
Барабан кагып, чуу туруп,
Аламан койгон жерлери
Албан түрдүү кан ичер
Коңурбайдын эрлери.
Минип жүргөн күлүгү
Качыры бар, били бар,
Жаңжалы жаман билип ал!
Асты менен өлөр деп,
Буйрук кылып элине

www.bizdin.kg



Кынжы менен байлалуу.
Кынжычанын бошотсо
Кылып ийчү немедей
Катылышкан балбаны.
Чыга турган далдалы,
Жерге батпас желдети,
Анын адамдан жаман келбети.
Буйрук кылса жабылган,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар* кылып тагынган.
Өлөрүн билбейт өрттөңгүр
Бир жанга миңи жабылган.
Канга тойбос калкы бар,
Белгилүү Калча каркыбар,
Кол алдында карасаң –
Кара жагал Акаяр.
Кагышка кирер мыктуусу,
Кармашка даңгыл ыктуусу.
Кезиккен жоого бет алып,
Сайышка мурун чыкчусу.
Улугу Дыйко балбаны –
Мунун урушка мыктуу жаңжалы.
Түгөнгөн Калча алдына
Түмөндөгөн сан балбан
Түгү калбай барганы.
Уруш десе токтолбос,
Коңурбайдын кан аты,
Урушарда ал Калча
Каптагын деп калкына
Белги берген адаты,
Кол ичинде кендеме,
Кен алдында Кентунду
Кендей жайлап эл турду.
Кен түбүнө орноткон
Жыгачтан кылган мунара –
Мунара жайын сураба.
Мунара жарык жагылды,
Кандан буйрук келди деп,
Калың кол келди жабылып.
Мунаранын үстүндө
Көз жетпеген бийиги.
Мунарада коңгуроо,
Коңгуроосун бир урса,
Алты күндүк жерине
Ашпай-шашпай угулган
Рас экен тийими.
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Жалгыз көздүү дөөлөрү
Калбай кетти жабылып,
Таласты камап көп улук,
Таза камап турду эле
Калчаны Кудай урду эми.
Казып койгон ор болду,
Калбай колу козголду,
Дүнүйөнү курчаган
Темир аркан тор болду,
Кайнатылуу шор болду.
Көрчү болсоң Коңурбай
Көк арсландай чамынды,
Коңурбай түрүн көргөндө,
Уй түгүндөй көп кытай
Түгү калбай жабылды.
Каптап кытай калды эле,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Кез келгенди кулатып,
Айта-буйта дегенче,
Ачып көздү жумганча
Кез келгенди сулатып,
Жаңжуу журту жабылып,
Мылтык атып, жаа тартып,
Обу жок күрөш салды эле,
Каптап кытай калды эле.
Канчорого кол салды,
Чубак уулу Чоронун
Арсылан көзү киртийди,
Алты миң айза бир тийди.

www.bizdin.kg



Бүткөн бойдун баарысы
Кыймылдабай дал болду,
Семетей менен Күлчоро
Бул экөөнү көрүүгө
Көрүп алып өлүүгө
Иш саалыгып кеч болду,
Эки көзү төрт болду.
Алек болуп турушуп,
Аламан колду койгондо,
Курчап кытай толгондо,
Жаны калбай какайып,
Кыраан Чорoң турушту,
Мылтык атып, жаа тартып,
Карсылдашып урушту.
Караан эле Күлчоро,
Көрбөй турат Канчоро.
Зордук кылса куу жанды
Кайнаган кытай каканга,
Каруусу толук капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Асты өнөгүн какайып,
Бербей турат Канчоро.
Ошондо жабылып кытай жүгүрдү,
Жаңжууларды көргөндө
Жаман жандан түңүлдү.
Шуру отогот, маржан таш,
Канчоронун үстүндө
Луң-туңдун каны аралаш.
Жамгырдай болуп жаа каптап,
Алек болду чунак баш.
Тыргооттун каны Ороңгу,
Кара жагал Бороончу,
Жадыгөйлүү ыктуусу,
Жараткан өзү билбесе
Жабылды калмак мыктуусу.
Жабылганга бой бербейт,
Бет алдына келгенин
Айза менен кулатып,
Андан жакын келгенин
Кылыч менен уратып,
Кыйла эрдикти кылды эле.
Киши билбес сөзү бар,
Башында жалгыз көзү бар,
Эрендери, кандары
Эрикпей каптап ал дагы
Эми колду салды эле,
Канчоро жалгыз, кытай сан
Каптап жатып калды эле.
Каптап калмак кол салды,
Тоодой чокмор Акаяр –
Балбандыгы бир далай.
Адам чыдап тургудай
Каарланса кокустан
Тоону талкан кылгыдай.
Өзү соргок абыдан
Бу да Коңурбайдын чоң балбан.
Таамай жини кармаса,
Ташты талкан бир кылган.
Күрмө кийген кытайдын
Бу да күчтүүсүнө сыр кылган.
Темир аркан тор алып,
Тегиз аскер кол алып,
Асманга учту топурак,
Аскер кайнап топурап.
Эми каптап өтүүгө,
Түп көтөрө калың кол
Түгөл байлап өтүүгө,
Байлап алып барууга,
Кечилдин каны Калчага
Тартуу кыла салууга,
Кырк кан эл экен кытай журт –
Ал журттун бир кандыгын алууга,
Ал Канчоро баланы
Калдайдын баары камынып,
Акаяр кирди жабылып.
Акаяр каптап жетерде,
Тегиз чалма саларда,
Тегеректеп Чорону

www.bizdin.kg



Эми байлап аларда,
Ал аңгыча болгон жок,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Айлансам болот балага.
Алмамбет уулу Күлчоро
Сулуу темир тон кийип,
Онжоңдогон сур аттын
Туу куйругун чарт түйүп.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Опол-Тоодой көрүнүп,
Каалгадай кашка тиш –
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып жайнаптыр.
Каарланган көкжалдын
Кан ичмеси кармаптыр.
Беделинен түк чыгып,
Бек арыслан кыраанын
Кынсыз кылыч байланып,
Кызыл түпөк* айза алып,
Айбандан сонун ат минип,
Көзү жайнап, ич күйүп,
Тегерегин карабай,
Теги кыраан эр Чоро
Теги эле жанын аябай.
Кыдырата карабай,
Кылчалык жанды аябай,
Ажал жетип, күн бүтсө
Каза болуп өлөм деп,
Болбосо эгизим эле Канчоро,
Каарланган капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Луң-туң, Дуңшан канына,
Улугунун баарына,
Уялаш элек Канчоро,
Ушуну кантип берейин?!
Уй түгүндөй сан манжуу
Уруш кылып көрөйүн.
Калдайга казат кылайын
Кан Коңурбай эренге
Качпай алты ай салышып,
Атышты арбын салайын.
Абакем төрөм келгенче,
Бул Канчоро абамды
Ажыратып алайын.
Кыргынды кызык кылайын,
Кутурган окшойт манжуу журт
Мен бир кырылышып турайын.
Эрдик кылып топ бузуп,
Каза тапсак, окко учуп,
Күлүктөн селдеп минемин,
Каарланган Калчаны
Так Каканга чейин сүрөмүн.
Эски кекти Калчага
Эрикпей кыргын салайын,
А дүйнө кеткен атамдын
Эңишип кегин алайын.
Тирүү жүрсөм жыйганды,
Буйрук жетип, күн бүтсө,
Жараткан өзүң ыйман* бер.
Деп, өшөнтүп, Сур атты
Октос берип ойнотуп,
Ок жыландай сойлотуп,
Кында кылыч кыңгырап,
Кытайга жеке кол салып,
Күлчоро эми кирди эми.
Дагдыр жетсе өлүүгө,
А Канчоро балага
Караан болуп берүүгө.
Жекене белге курчанып,
Жер майышкан сан колго
Жеке аралап кол салып.
А деген жерин айзалап,
Алты миңин майдалап,
Улугу Калча кайдалап,
Жети миңин майдалап,
Жеткен жерин айзалап,
Манжуу каны Эзкара,

www.bizdin.kg



Эзкарасы кайдалап.
Алтын жаак айбалта
Билекке толгоп ойнотуп,
Бет алганды сойлотуп,
Калдайын камап сапырып,
Карсылдатып көкжалың
Манастап ураан чакырып,
Кумурскадай кайнаган
Топко кирди Күлчоро,
Мунарып күйүп өрттөнгөн
Чокко кирди Күлчоро,
Мөндүрдөй болуп бөлүнгөн
Окко кирди Күлчоро,
Түшсө кайра чыккысыз
Торго кирди Күлчоро.
Менде чыдап баргысыз,
Бет алган тирүү калгысыз,
Колго кирди Күлчоро.
Көлдөй көлкүп толкуган,
Селге кирди Күлчоро.
Бет алып менде барбаган,
Бет алган тирүү калбаган
Элге кирди Күлчоро.
Айгай кулак тундурган,
Дууга кирди Күлчоро
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Чууга кирди Күлчоро.
Беттешип бекер калбады,
Берениндин жаңжалы.
Кытай билек, ал жалгыз,
Кыргын кылып, кол салып,
Каптап кеткен Канчоро,
Караан болуп барышты,
Маңдай-тескей эрендер
Карсылдашып салышты.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсү менен урушуп,
Таш сайынган кытайга,
Тазасына кезигип,
Талыкпастан эр кулуң,
Талкалашып турушту,
Бел боосу бар кытайдын,
Беренине кол салып,
Кабарында бар бекен,
Берен Алмаңа көкжалдан
Белекке калган сыр бараң,
Ар кыйшайган жерлерин
Дөөтү* менен дос болгон,
Төкөр уста Бөлөкбай
Болоттоп ичин толгогон,
Болжолу жок оңдогон.
Артык болот Алмабаш,
Ыраак-жуук ылгабас,
Атышка кирсе жарыктык,
Алтымыш күнгө бузулбас.
Оозу башын өгөгөн,
Кырышар жоого ченеген,
Болоттон куюп ок кылган,
Сундурган жоосун жок кылган.
Кыйын уста Бөлөкбай
Кыйшыгын койбой оңдогон,
Казатка балдар алсын деп,
Кайра тартпай чоң дүмөк
Кагышар жоого салсын деп,
Эпсиз энең Каныкей
Милтесин сызып оңдогон,
Он эки жылга болжогон.
Кытай оттук* боор таш,
Кыйын оттук от коёр
Өз-өзүнчө камдалуу.
Жоого кирсе алсын деп,
Беттешкен жоого көкжалдар
Мээнетти мыктап салсын деп,
Берен энең бейтаалай*,
Белекке берген окчонтой*.
Бейлеп турсаң огу көп,
Берендик жайы ушундай.
Асынып алса сыр бараң,

www.bizdin.kg



Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого сундурса,
Аманат жандын эрмеги.
Жакын атса Койчагыр,
Ыраакка салса сыр бараң –
Ойногондо Очогор,
Оолуга атса топ бузар.
Түнгө атса Үркөрбоз,
Түгөнгөн жоого сундурса,
Ирмегенде жол ачар.
Мурунку өткөн Алмаңдан,
Эр Алакең балбандан,
Мураага калган сыр бараң.
Кабарында бар бекен,
Казаттуу дүмөк бүлүктө
Беттешкен жоого чыр салып,
Алакем дүмөк баштаган.
Артымда балдар алсын деп,
Айкашкан жоого бир кыргын
Тукум болсо салсын деп,
Капкайда кегин алсын деп,
Кабылан Алмаң таштаган.
Муруңку өткөн Алмаңдан
Мураага калган Күлчоро
Сыр бараң октоп колго алып,
Айгайды арбын салууга,
Алдыңкы кара кытайдан
Калдайдын уулу капырдан,
Кан Коңурбай баатырдан
Кара жанды аябай,
Атышты арбын салууга,
А дүйнө кеткен атасы
Алакең өчүн алууга,
Асыл тууган Күлчоро
Жекене белге курчанып,
Жети түмөн кытайга
Жеке аралап, кол салып,
Маңдайлашып урушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Барсылдашып урушуп.
Казатка мыктуу сыр бараң,
Атышка камбыл Күлчоро
Оңго ооп, бир атып,
Ойрондорун кулатып,
Белеске ооп, бир атып,
Берендерин кулатып,
Сыр бараң үнү чыкканда,
Кытай үркүп дүркүрөп,
Аткан сайын сыр бараң
Аша тийип ансайын,
Жер жарылып күркүрөп.
Желигип чыккан огун көр,
Ботолуу төөдөй дүркүрөп,
Сыр бараң үнүн укканда
Манжуулардын Эзкара
Чоң Күрөң оозун буруптур,
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Дүмбекинин сыр бараң
Түгөнгүр кайдан келген деп,
Эзкара чочуп турду эле.
Алгыр кыраан Күлчоро
Топко байлап, туусу деп,
Сыр бараң менен урду эле,
Туу түбүндө Тагылык
Туурасынан ок тийип,
Көй төрөдөн алтымыш,
Аттан түштү жабылып.
Жабылып аттан түшкөнү,
Топко байлап Күлчоро
Камбылдыгы башка кул,
Кастарып тигип уруптур.
Тагылык баштап алтымыш,
Окко учуп кулап туруптур.
Белгилүүсү Эзкара,
Мурутту булкуп кайгырып,
Тагылыгы баш болуп,
Туу түбүндө балбандан
Алтымыштан айрылып.

www.bizdin.kg



Чоң Күрөң оозун бурду эле,
Айкырыгы таш жарып,
Манжуу каны Эзкара,
Каарланып бакырып,
Калдайларын чакырып,
Дүңкүлдөк уруп бакырып,
Отоготту кытайдын
Олуясын* чакырып.
Ат оюнчу күлүгүн,
Такыр бойдон чакырып.
Ыйбы-шыйбы күлүгүн,
Тыргоотун тыйпыл чакырып.
Жылас болгон кытайдын
Жылаажыны кагылып,
Адам билбес сөздүүсү,
Башында жалгыз көздүүсү,
Баары калбай жабылып,
Добулбас бекем кагылып.
Добулбас үнүн укканда,
Урушпай жаткан калың кол,
Кандан кабар келди деп –
Ойгонгон экен ошол жол.
Ойгонгондо калың кол,
Уйгу-туйгу дүрбөшүп,
Айзаны колго алышып,
Удураңдай калышып,
Урушту эске алышып,
Кайсы бирөө аты бар,
Мунун кай бирөөсү бейкабар.
Кол чуркурап дүрбөшүп,
Жоо келдилеп жүрлөшүп.
Кээ бирөөсү айбалта кармап алышып,
Штан салды кылгандар
Чалбарына чалынып,
Жоо бөрүсү көкжалдар,
Такыр турду камынып,
Калдайлары белдери,
Кан Эзкара үстүндө
Кайнап кетти эрлери.
Тыргооту тыйпыл жыйылып,
Манжуулары бакырып,
Баатырынын баарысы,
Жоо кайдалап чакырып.
Тыңынын баары камынып,
Кагышсаң жаңжал ушундай
Манжунун баары жабылып.
Эрени, дөөсү жайланып,
Алтымыш батман* чоюн баш
Адамды салса күл кылат,
Ар кимиси байланып.
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып.
Эзкараны тебелеп,
Жоо кайдалап жемелеп.
Керик оозун бурду эле,
Керишчү жообуз кайда деп,
Кежирленип турду эле.
Өрөпкүп калган балбаны
Өлтүрүп түпкө жетет деп,
Ээлигип калган калдайым
Өзүмдү каптап кетет деп,
Туунун түбү чуу болуп,
Кериней үнү бапылдап,
Жезнайдын* үнү такылдап.
Туу түбүндө Эзкара,
Бу кытайга калганда
Маңдайга салган там экен,
Манжууга мыктуу кан экен.
Тилге чечен, кепке уста,
Тилегиң кабыл келбегир –
Чоң чечендик бар экен.
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган жан экен.
Эр Эзкара баатырдын
Балбандыгы башкача,
Кытайдан кыйын көйкашка,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Эр Эзкара кеп баштап,

www.bizdin.kg



Балбандарым, дөөлөрүм,
Кагышарың бул бурут.
Бул Бээжинге ээлерим,
Урунарга тоо таппас,
Урушарга жоо таппас,
Кармашарга ок таппас,
Кайраным, сенин барыңда
Кармашкан кыргыз оң таппас!
Сыйынган черүү* белдерим,
Ааламды буй кылган
Аталган көкжал шерлерим,
Болот чокмор колго алган,
Болжогон жоону бир салган,
Өрттөй көзүн кызарткан,
Кез болгонун жок кылган,
Керишке тууган эрендер,
Угуп тургун кебимди.
Койбой айтып берейин,
Сенин алыша турган эриңди.
Эр Тагылык баш болуп,
Алтымыш дөө, алп өлдү,
Ойлосоң мынча калк өлдү.
Белге таңуу бел өлдү,
Бейлесең мынча эл өлдү.
Абайлагын балбаным,
Аябагын жаңжалың.
Эр Тагылык өлдү деп,
Эстегин, кантип барасың?
Тагылык өлбөй, каның өл,
Талыкпай алты ай урушуп,
Балбандарым, баарың өл!
Ааламды бузган шер көрдүм.
Алмамбет уулу Күлчоро
Артык көкжал эр көрдүм.
Токтобой уруш салбасаң,
Канчоро менен Күлчоро
Бул экөөнү албасаң,
Талыктырат булуңду,
Талкандайт кытай журтуңду,
Жалынсаң укпайт сөзүңдү,
Бет алсаң чукуйт көзүңдү.
Тагылык менен Карагул,
Жаалы катуу мына бул,
Жакшыдан эки кан өлдү,
Кызыл кайсар балбаным,
Кыргынды кыйын салгыла,
Тегиз каптап, кол салып,
Тегеректеп өткүлө.
Чокмор уруп, балта чаап,
Кызыталак балдардын
Түбүнө чогуу жеткиле!
Казаттын жайы ушундай,
Кагышты арбын кылгыла,
Мээнетти бекем салгыла,
Чубак уулу Чорону
Тирүү кармап алгыла!
Алмамбет уулу Чорону
Тындым кыла салгыла!
Кылычтап башын алгыла!
Кыйын жаңжал салгыла!
Баатырларын, шерлерин
Дүүлөп турду Эзкара
Балбандарын, эрлерин,
Күүлөп турду Эзкара,
Манжуу каны Эзкара
Айтып оозун тыйгыча,
Канга тойбос эрлерин,
Кагышка тойбос шерлерин.
Камынтпай жыйып алганча,
Кагышты катуу салганча,
Чубак уулу Канчоро,
Канчоронун үстүнө
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып, ок атып,
Темир аркан торчону,
Тегиз канжарколчону.
Айзага даңгыл ыктуусу,
Адам турмак, тоо-ташты

www.bizdin.kg



Талкан кылчу мыктуусу,
Кан төгүүчү камбылы,
Кара дардаң балбаны,
Чорону кармап алууга,
Чоң калайман салганы.
Кол алдында токтобос,
Кынжылаган балбаны,
Беттешкенде жөн эле
Менденин чыгат далдалы.
Керик, качыр, төөчөнү,
Айбан минбес жөөлөрү
Аламан салып качырды,
Албан түрдүү дөөлөрү.
Туулга* кийип белсенип,
Тутанып өлгөн бул кытай
Туш-тушунан жабылды,
Канчорону байлоого
Кан Эзкара камынды.
Жер көрүнбөй чаң болду,
Курчаган мынча даң болду.
Желдеттери* жети сан,
Жетип колду салды эле.
Жеткилең эри Эзкара
Каптагын деп бакырып,
Калдай, шибе, тыргоотун
Калтырбастан чакырып.
Каптагын деп Эзкара,
Буйрук кылып бакырып,
Эзкара үнүн укканда,
Дүңкүлдөк бекем кагылды.
Уй түгүндөй көп манжуу
Түк бирөө калбай жабылды.
Камышты көр, селди көр,
Камыштай айза көтөрүп,
Канчорону бет алып.
Каптап калган элди көр.
Адам билбес сөзү бар,
Башында жалгыз көзү бар,
Сазаң-шаңдын калкы бар,
Камынган экен каркыбар.
Үйдөй, тоодой айза алып,
Жоо-жарагын байланып,
Адамдан бөлөк добушу,
Адам тилин билбеген
Айбанга чалыш доңузу.
Эңкейтип адам алабы,
Эчен түрдүү капырдан
Бет алган аман калабы?
Кара чокмор капыры,
Кажылдаган баатыры
Каптап келип жетти эле,
Эми каптап өтөрдө
Мылтык атып, айза уруп,
Саадак атып, жаа тартып,
Чокмор уруп, балта чаап,
Чогуу өрттөнгөн кол каптап,
Чоң жаңжалын салды эле,
Чоң балбандар Чорону
Тегеректеп калды эле,
Муну көрүп Күлчоро,
Телегейи тең Чоро,
Шай колдогон шер Чоро,
Себилдери сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.
Омуроо бою күрөөкө*,
Алмамбеттин жойкума.
Орой кармап билекке,
Дагдыр жетсе өлгөнү,
Өлбөй аман бар болсо,
Камалып аткан Канчоро
Караан болуп бергени,
Айгайды артык салууга,
Алты ай тынбай салышып,
Ажыратып алууга.
Кызыл түпөк сыр найза
Шилтегенде орнотуп,
Аралап кирди кытайды
А дегенден сойлотуп.

www.bizdin.kg



Каарланып бакырып,
Канчоронун үстүндө
Алты миң кытай, сан колдой
Алышка адис абыдан
Артык балбан берениң
Айдап келип чыкты эле,
Суркоён менен ойнотуп,
Бет алдынан сойлотуп,
Чак-челекей чаң кылып,
Кезиккенин Күлчоро
Кып-кызылдай кан кылып,
Күрмө кийген күчтүүгө,
Айзасы кыйын учтууга
Каруусу толук капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Тулпардын башын бурду эле
Качпай айза сунду эле,
Кызыл канга чөмүлтүп,
Кыйын кыргын кылды эле,
Таш сайынган мыктуу өлүп,
Далай кыраан ыктуу өлүп,
Кимде болот бул арман,
Кыраандарың барында
Кытайга салган чоң жаңжал.
Ат оюнбоз балбаны
Алтымышын тең сайып,
Эр Күлчоро жаңжалы.
Тегерете карабай,
Теги өлөрүн санабай,
Кыргынды кызык салды эле.
А Канчоро беренин
Ажыратып алды эле
Эр Коңурбай чоң көкжал
Эпсиз колун каптатты:
«Эчен балбан дөөлөрүм,
Бүт Бээжинге ээлерим,
Айза сунса айкырып
Туу түбүндө турарым,
Таамай жини кармаса
Ташты талкан кыларым,
Жаахан кечип жан кыйгыч
Канга тойбос балбаным.
Алмамбет уулу Күлчоро,
Чубак уулу Канчоро,
Экөөнү кармай албай калганың,
Кара курттай эл элең,
Кыргыз эмес кылымды
Колум колдо турганда
Кырып ийем дээр элем,
Кыярган сакал карыңар,
Кыл эмең калбай бужерге
Кыргын болгун баарыңар,
Тетиги эки чоросун
Тегеректеп алыңар,
Тирүү кармай калыңар.
Чоң-Бейжиндин өзүндө,
Чоң капканын түбүндө
Кырк аркан бою чоң зындан
Кармап аа салгыла.
Баатыр да экен, шер да экен,
Үшүнтүп өчтү алгыла.
Тигилер жалгыз, силер миң,
Четтеп баарың кырылдың,
Калдайың өл, каның өл,
Калбай журтум баарың өл,
Асманга учсун топурак
Аскер каптап чуу туруп.
Аламан койгун топурап,
Берендер өлсүн, шер өлсүн.
Мээнетиңе ким көнсүн.
Кырк кандын эли чогулуп,
Кыйын калтап кол болдук.
Кыргызды кырып кетүүгө,
Түгүн койбой бул журттун
Түбүнө чогуу жетүүгө,
Төбөсүнөн басууга,
Төрт түлүгүн* чачууга,
Канын байлап алууга,

www.bizdin.kg



Карасын карап кылууга,
Калың элин калтырбай
Карап кылып кыруруга.
Таш коргонун талкалап,
Такыр чаап алгыла,
Тамын жыгып уратып,
Чынарын кыйып сулатып,
Берендерин кыйратып,
Бейпайды бекем салгыла,
Бет алышып калгыла,
Кереге-уугун кыйраткын,
Келин-кызын ыйлаткын,
Өзөндүн суусун бургула,
Кызыталак бурутту
Өзү тийди убал жок,
Өрт өчкөндөй кылгыла.
Таш сайынган тазалар,
Кызыл чоктуу* кытайлар,
Күрмө кийген эрендер,
Айза сунуп, балта уруп
Асман жарган чуу кылып,
Айгайы арбын дуу кылып,
Күлчоро менен Канчоро
Бул экөөнө жеткиле,
Талыкпай кирип салышып,
Журтум, талкан кылып кеткиле,
Бул экөө кетсе бел кетет,
Буруттан эки шер кетет,
Өзөнүн камап турабыз,
Өңгөчө Семетей тийсе колуңа
Өрт өчкөндөй кылабыз!
Калтырбай калкын кырабыз,
Какандан келдик аттанып,
Түбүнө чогуу жетели,
Кызыталак бурутту
Кыргын кылып кетели».
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Каарды катуу баштады,
Кан Коңурбай чамынып,
Кайнап аткан калың кол
Жутуп ийе таштады,
Коңгуроо бекем кагылды,
Кол эсинен жаңылды,
Каарды Калча баштады,
Калың колдун баарысы
Калбай өлмөк болдук деп,
Жандан кечип таштады,
Манжуунун баары күйүнүп,
Баатырдын баары жүгүрүп,
Он башылар ороктоп,
Жүз башылар жүгүрүп,
Миң башынын баарысы
Өз жанынан түңүлүп,
Кумурскадай кылкылдап,
Курттай кытай былкылдап.
Анте турган себеби –
Белгилүү Калча кан аты,
Качан болсо кытайды
Белсенип таштап Коңурбай
Айдай жүргөн адаты.
Бул Алөөкөнүн Коңурбай
Жоонун айласын билген доңуз ай!
Белсенип чыккан көйкашка
Мендеден түрү бир башка.
Кабарында бар бекен
Мунун кобуртунан жан чыгат.
Жүргөнүнөн чаң чыгат
Алтын найлуу сыр канжа
Алачыктай чоң Калча
Алгара оозун бурду эле
Сандаган кытай, көп тыргоот
Заманасы куурулуп,
Коңурбай буйрук кылып турду эле,
«Улуктарым, кандарым,
Урушка кирчү балдарым,
Бул учмактуу Бээжин* түпкү шаар
Учуна чейин чалган жол.
Мунун улугу канкор зор Манас

www.bizdin.kg



Ушул кол менен алган кул
Айтылуу Талас, чоң Кең-Кол
Өзүм чалган жер эле.
Бул кызыталак бурутту
Ала жүргөн эл эле.
Бу көрө жүргөн жол эле,
Атасы Манас көкжалды
Алты алдаган мен элем.
Кыргын кылдым жандарын,
Алмамбет, Чубак кандарын,
Сыйпап салган кол ошол,
Сергек, Сыргак балдарын.
Кече кагыш кылган казатта
Музбурчак, Көкчө кан өлгөн
Калыктын байы Бокмурун
Көкөтөй уулу дагы өлгөн.
Ошентип жүргөн мен Калча –
Менин эрдигим жандан бир башка.
Каарым келет какайдым,
Катылбай койбойм бурутка.
Кыргын салып кызыктап
Кетемин ушул бурутка».
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Көзү көлдүн ордундай,
Көрсөң түрү мына бул
Көрүнгөндү соргудай.
Калдайга каарын баштады,
Алты миң кытай, сан калдай,
Аркасында жөөкөрү
Кырылып кала таштады.
Кан ичүүчү камбылы
Каптап келип кетти эле,
Кайратуусу, шерлери
Алааманды салды эле
Качпай туруп кыраандар
Карсылдашып калды эле.
Теңиз эки Чорону
Тегиз каптап кытай журт
Тегеректеп калды эле.
Өңгүл, дөңгүл балбаны,
Жан аябай жаң-жуу журт
Жана каптап калганы.
Ыйбы-шыйбы балбаны
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Бөйрөгүнөн жетти эле,
Анын арт жак жагынан
Кармашса жанды койбогон,
Бир доңуздун этине
Бир жегенде тойбогон,
Кез келсе жанды койбогон,
Албан түрлүү балбаны
Туш туштан кол салганы.
Чокмор алган чоңдору,
Адамды эки бөлүүчү,
Кез болгон киши өлүүчү
Албан түрдүү зорлору,
Канга тойбос калктары,
Урушка камбыл эрени,
Жоо дегенде камынган
Жоо бөрүсү ыктуулар,
Айлакерлүү мыктуулар,
Айла билгич ыктуулар
Аламанды койду эле.
Асман жарган чуу болуп,
Азап көргөн дуу болуп,
Жейрендей көз киртийип,
Жетик эки кыраанга
Жети миң айза бир тийип,
Жер айрылып, чаң толуп,
Жер жайнаган эл болуп,
Жетип дүмөк салды эле,
Тегиз каптап түмөн кол
Тегеректеп алды эле.
Жети бөрү бир койду
Таласа тарпын коёбу,
Жети миң жан бир жанды
Сабаса тарпын коёбу?

www.bizdin.kg



Асман ачык, жер бүркөө
Жерге кытай эл толуп,
Көптүгүнө карасаң
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Топурак учуп, чаң толуп,
Чаң алдына караса
Толгон кытай эл болуп,
Бүгүн көргөн эртең жок
Атаңдын көрү, алакчы
Ушундай окшойт дүйнө бок!
Эрендер жетип кол салып,
Соргоктору, жөөлөрү
Туш-тушунан тор салып,
Уйгу-туйгу турушуп,
Айза сайып, балта чаап,
Карсылдашып урушуп,
Бет алышып турушуп,
Жан аябай урушуп.
Туулгалар, калкандар
Туш-тушунан быркырап,
Жаанын огу жабылып,
Жана жүрөт чыркырап,
Жабылып кытай көл болуп,
Жанды койбой кетчүдөй
Жаанды каптап эл толуп,
Жаман кыргын болду эле.
Жакасы алтын, жеңи жез
Кош бадана торгой көз,
Атышка кирсе ок өтпөс
Ар кымбаттан тондору
Айза тийип сүзүлүп,
Төптөп сайган айзалар
Белден кыйрап үзүлүп,
Бекем жаңжал болду эле,
Берен экен Күлчоро
Бет алып кытай жабылса,
Байлаймын деп камынса,
Зың-зың этип кенебейт,
Кытай кыстоо салганын
Бучкагына теңебейт.
Эрдик менен шердикти
Эгем таала балага
Берген экен ченебей,
Берен экен Күлчоро
Сандап кытай каптаса
Салыш кылып кенебей,
Ок өтпөс тондун ичинен
Ак кисени курчанып,
Алты сан кара кытайга
Аралап кирип кол салып,
Айза жеткен жерлерин,
Айза менен уратып,
Андан жакын келгенин
Кылычтап чаап сулатып,
Мындан жакын келгенин
Балта менен майдалап,
Баягы Калча кайдалап,
Жети миңин майдалап,
Жетиги Калча кайдалап,
Алты миңин майдалап,
Арамы Калча кайдалап,
Арсландай толгонуп,
Кыпкызыл канга боёнуп,
Эки жагын каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Каарланып бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Толуктап айза имерип,
Токсон сан кара кытайдын
Тобун чечип жиберип.
Жекене белге курчанып,
Жети сан кара калдайга
Жеке аралап кол салып,
Энкейиштен эр сайып,
Ондон-бештен тең сайып,
Каптап аткан калдайды
Кайра айдады сапырып.

www.bizdin.kg



Шай колдогон Күлчоро
Толуктап айза имерип,
Толуп аткан кытайдын
Тобун чечип жиберип,
Токтобой эчен урушту,
Тобокелдеп турушту.
Каарланды бакырды,
Кайнап аткан кытайды
Кайра айдады сапырды.
Топурак жаап, тоз учуп,
Жер бузулуп, эл кайнап,
Жеткилең кыргын болду эле.
Эр Күлчоро көкжалга
Калдай өлүп, кан өлүп,
Кагышкан эчен жан өлүп,
Күрмө кийген күчтүү өлүп,
Таш сайынган таза өлүп,
Карапжы кийген кан өлүп,
Кагышкан жандын баары өлүп,
Катуу бүлүк, чоң жаңжал
Как ушундай болду эле,
Калкы качып алганын
Кан Коңурбай көрдү эле.
Жаадай учкан чоң кара ат
Жалы катуу Коңурбай
Жадаал салды бакырып,
Жана согуш кылгын – деп,
Тыргоотторун, карысын,
Эренинин баарысын,
Айдап кирди Коңурбай
Талкан салчу балбанын.
«Ойлосоң ушул мүшкүл иш –
Такыр качып калганың,
Көөдөндө калат арманым.
Баш кесилип, кан аксын
Атаң үчүн, мен үчүн,
Кырк уруу кытай эл үчүн.
Жана жаңжал салгыла.
Айда, айда журтум, айда – деп,
Төрөсү жок кулдарын
Төбөлөшүп байла – деп.
Атаңдын көрү, калың эл,
Чоросун көрсөң минтесиң.
Чоңу келсе Семетей,
Мунусу келсе кантесиң?»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Чоң айбатын салганы.
Чогултуп айдап манжуусун
Кайра кууп алды эле.
Манжуу каны Эзкара
Манжуудан айдап кол алып,
Жерге сыйбас мол алып,
Темир аркан тор алып,
Тегеректеп өтүүчү
Тегиз балбан чоңду алып,
Жаңжал десе кубанып,
Көк темирдей куралып,
Түгөнгөн сайын түтөдү,
Түбүнөн бери күчөдү,
Өлгөн сайын өрчүдү,
Кагышкан сайын кайнады
Өлбөй кытай калбады.
Балбандары дөөлөрү,
Бут Бээжинге ээлери,
Улуктары, кандары
Тутанып өлгөн доңуздан
Урушпай бир жан калбады.
Чабуул коюп буратып,
Каны буйрук кылды эле
Кагыш кылып бет алып,
Балбандар каптап турду эле.
Же калк экени билинбейт,
Кара курттай калкы бар,
Баарысына күч кылган,
Урушса тоону түз кылган,
Чапчышына Калчанын
Чалкар көл туруш бербеген,
Чабышкан чыдап келбеген.

www.bizdin.kg



Бедели суук, заары күч,
Бет алганды кылат түз.
Берендиги белгилүү,
Беренди көрсөң жөн эле
Кеттим деп жандан күдөр үз.
Күдөр үзгөн себеби –
Бейжинде кара кытайдын
Бели эмеспи Коңурбай.
Адамдан артык туулган
Шер эмеспи Коңурбай.
Эзкара менен бул экөө
Каарды катуу баштады,
Коңурбай каарын көргөндө
Өлсөк көөнүм мейли деп,
Жалпы кытай, калың кол
Жандан кечип таштады.
Жабылтып кирди кол айдап,
Ал колунун баарысын
Чачыратпай мол айдап,
Айдап чыгып келди эле,
Толкуп өткөн жерине
Тоо туруштук бергисиз,
Алыш кылган жеринен
Адам чыдап келгисиз.
Каарданып салды күч,
Коңурбайдын каарынан
Өлдүм деп жандан күдөр үз.
Балбан басып, шер каптап,
Ичсе канга тойбогон,
Балакети тең каптап,
Кагышты Калча баштады,
Кытай калкын көргөндө
Кыстоо түшүп башына
Аргын менен кыргыздар
Жандан кечип таштады.
Аламандап чуу туруп,
Тутанып өлгөн капырлар
Дүңкүлдөгүн бек уруп,
Түрү суук эр Калча
Түгөткүн деп кеп уруп,
Манжуулардын баарысын,
Акылга дыйкан шерлерин,
Айла тапкыч эрлерин
Кагышка чыкчу балбанын
Карасаң Калча шайлады
Түп көтөрө баарысын
Аламанга айдады,
Уй түгүндөй көп кытай
Удурандап кыжылдап,
Кумдай каптап быжылдап,
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Түгөл каптап күркүрөп,
Түгү калбай кирди эле.
Мына ошондо Семетей
Кыргыздан кыйла кол алып,
Көк темирдей куралып,
Кармашканы Каканчын,
Касташканы Бакбурчун
Улуңту дейт Дыңшага
Уругу кырк кан журт экен,
Уруш кылып манжуугa
Ажал жетсе өлүүгө,
Кайра келбес чын жайды
Кабылан, шерлер көрүүгө,
Кыргынды кызык салууга,
Канчоро менен Күлчоро
Ажыратып алууга,
Түрү суук Коңурбай
Түз кирип айза сунууга,
Түгөнгөн жанды кыюуга.
Кандуу канга канышып,
Качпай туруп салышып,
Айгайды артык салганга,
А дүйнө кеткен Манас шер –
Манастын өчүн алууга,
Жеке көкжал шер эмес,
Олуят уулу Бакай бар,
Аргын кандан Сары кан,

www.bizdin.kg



Эштектердин Жамгырчы
Эрендердин баары бар.
Жоого жобо салуучу
Жолборсу бар, шери бар,
Куу жолтойду кутуртуп
Жайнаган эчен кеби бар.
Айзакерчен даңгыл бар,
Аралап жоого кол салган
Чын эренден камбыл бар,
Астыга салса ак жолтой,
Атышка кирсе сан колдой,
Камбылы бар, шери бар,
Караанды кылып туулган
Канкордун уулу шери бар,
Кыргыздан арбын кол айдап,
Кыдыр чалган кыраанын
Кылкылдата мол айдап,
Алыштан тартпас шерди айдап,
Кара көңүл эң балбан
Кан ичүүчү эрди айдап,
Тобокелге салучу,
Топ аралап калучу,
Толуп аткан эрди айдап.
Боз атчанын, шерлерин,
Болжолу жок эрлерин.
Өлүм десе сүйүнгөн
Тобокелсиз балбанын
Толкутуп кол айдады.
Тозо чыкпай кытайдан
Токтонуп көкжал калбады.
Кутпа* жагы быжырап,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Кулак тунуп кыжырап,
Кулак тунган жан болуп,
Жадаалдары жайланып,
Жан-жанына баарысы
Жалаң кылыч байланып.
Жоо десе каптап, жан толуп,
Жолборс Бакай карыя
Туу кармаган ал болуп.
Анын бер жак жагында
Ай касаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп.
Балбандары башкача,
Баатырлары кашкача,
Кыйланын жүнү кырк башка,
Кыйласы кылымды билген
көйкашка.
Бу кыйланын ичинде
Ташка салса тайыбас
Тайгылбаган эри бар,
Кагышка салса камсыкпас
Как ошондой шери бар.
Көк найзада бедел жок,
Бул сан колдун ичинде
Эмнелер бар, нелер жок.
Болбой ичкен бозону,
Боздотуп урган кожону,
Алып ичкен аракты,
Алып жаткан айнектей сулуу
жалапты!
Мында динсиз чоро дагы бар,
Чоро деген чогоол сөз,
Кыйланын жөнү кырк башка.
Кыйыны Бакай, Сары кан
Булар кылымды билген көйкашка.
Атасы Манас сырдашы,
А дүйнөлүк курдашы,
Айгайлаган чуу болуп,
Ажал жетсе өлүүгө,
Канкордун уулу чунакка
Жолдош болуп берүүгө,
Казаттын алды жагында,
Калың колдун четинде,
Жааган октун бетинде.
Казылган чуңкур оруна,
Кан Коңурдун колуна,
Төрөлүгү бир топ жан –

www.bizdin.kg



Белгилүү Бакай кожо сан.
Беттешип Калча кул менен
Бет алышып Бакай эр
Беттеп айза сунушту,
Озунганын бир-бири
Кыргын кылып турушту.
Маңдайлашып калышты,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып эки эл
Былчылдашып калышты.
Жер жарылып, дуу болуп,
Жер биринден чуу болуп,
Эссиздин баары дирилдеп,
Эрендердин баарысы
Айбалталап салышып.
Алышалбай бириндеп,
Баатырдын баары жадашып.
Кужүрмөнү күчсүзүн
Айза менен топ сайып,
Так жүрөккө мадашып.
Кан төгүлүп, суу болуп,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Айгайлаган чуу болуп,
Журт бөлүнүп, эл өлүп,
Бейлесең эчен шер өлүп.
Кабарман өлүп, кан өлүп,
Кагышкан жандын баары өлүп.
Катуу бүлүк, чоң жаңжал
Караса болбойт эч арман,
Кан Коңурбай шумдугу.
Анын арт жак жагынан
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Дагдыр жетсе өлөм деп,
Манастын уулу чунакка
Өлбөй аман бар болсом,
Караан болуп берем деп.
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы миң талаа,
Ак сакалы суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп.
Аргындан тандап кол айдап,
Арбыныраак мол айдап.
Тоо көрүнсө тешүүчү,
Дария көрсө кечүүчү,
Баш көрүнсө кесүүчү,
Жаңжал жаман баштаган,
Жоо көрүнсө жөн эле
Жандан кечип таштаган,
Кан ичип жүрүп катыккан,
Канча жерден жоо алып,
Камбыл деп атка коюлуп,
Бет алган жоосу союлуп,
Балбандыкка катыккан,
Зайыпбуруш атыккан
Салыш менен кырышка
Даңгыл болуп катыккан,
Беренден тандап кол айдап,
Белгилүүсүн чогуу айдап,
Кара мылтык каң десе
Кайышпаган эрди айдап,
Сунгандан кайра тартпаган,
Сумсайганын жазбаган,
Акылга дыйкан даанышман
Тобокелдеп токтобой,
Жоого каршы барышкан
Билимдүүдөн санды айдап,
Келген экен Сары кан.
Эр эңкейген керүүдөн
Эңкейе басып жол салып,
Эсепсиз кытай, көп манжуу
Эрени окшойт Коңурбай,
Коңурбайга кол салып.
Туучунагын туйлатып,
Тушкелдисин кыйратып,
Каарланып бакырып,
Калың кытай, манжууну
Таандай айдап сапырып,

www.bizdin.kg



Сары кан кирди салышка,
Күчтөп айза сунушуп,
Күч сынашып урушуп,
Бет алышкан жадашып
Уңгусу болот, учу курч
Учмакту дүпөк сыр найза
Үшүнтүп кармап калышып,
Айласызын айзалуу
Так жүрөккө малышып,
Күжүрмөнү күчсүзүн
Өлүм кылып салышып,
Балта менен басышып,
Чоюнбаш менен жанчышып
Кылыч менен кыймалап,
Кыйын талкан салышып.
Күжүрмөнү, күчтүүсү
Күндөп-түндөп урушуп,
Кармаш кылган кан өлүп,
Кагышкан жандын баары өлүп,
Аралашып калышып,
Ахаалашып салышып,
Жабдыкка шайман келбесе
Түп этектен алышып,
Жаңжалдын жайы ушундай
Түгөнүшүп калышып,
Анын арт жак жагынан,
Кабарында бар бекен
Жер өөдөсүн жайлаган.
Жеткилең тулпар байлаган,
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда айдаса,
Кабылан сындуу жойлогон.
Жоо дегенде кубанган
Жортуулга чыкса шайланган,
Казат десе жөн эле
Күн мурунтан камданган,
Жер жарылып, буу болуп
Ада желмогуз* кыргыз тукуму
Эштектердин Жамгырчы
Бир бөлүнгөн жолду алып,
Азар түмөн колду алып,
Кол иреттеп баштатып,
Комокойлуу* сыр найза
Колойтуп өөдө аштатып.
Алеңгир тартып, дуу кылып
Айгайлаган чуу кылып.
Имерме челек, майлуу эт
Кистелүү* ичик, курч айза
Мына кыргыздын жөнү бир бөлөк
Калкандарын калдайтып,
Көк темирден туулга
Ар кимиси көмкөрө кийип
далдайтып.
Эрени катар жүрүшүп,
Эссиз канкор, кан ичме
Баягы алтын жаак айбалта,
Билекке толгоп илишип,
Касаба колдо калкылдап,
Кандуу болот Зулпукор
Билегинде жаркылдап,
Каарланып жайланып,
Кыя тартпай кыйындар
Кынсыз кылыч байланып,
Чуркурашып чуу туруп,
Орто жерин чөп кылып,
Кол кармашып эрендер
Убаданы бек кылып
Кытай, кыргыз урушу
Ушундай экен жумушу,
Каршылашып барышып,
Карсылдашып салышып,
Түп көтөрө барышып,
Түгөнүшө калышып.
Өлгөнүнөн калганы,
Эпсиз экен баатыр деп,
Эр атагын алышып,
Миңиң өлүп, бирөөң кал,

www.bizdin.kg



Жан аябай согуш сал!»
Деп, ошондой кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Адам өлөр шерт кылып,
«Болсун сөзүң баатыр деп,
Кытайдан кайра тартканды,
Кыргындан кайра кайтканды,
Кагышка кирсе шашкандын
Кармаштан кайра кайткандын,
Жеткилең сөзүң баатыр деп,
Мындан аянып калган адамдын
Жети атасы капыр – деп.
Жамгырчы колу муну айтып,
Ак буудай данын чайнашып,
Антын мыктуу кылышып,
Кыргындан корккон жигиттин
Кыйрап минтип калсын деп
Ала коюп чыбыкты
Ортосуна кыйышып,
Жадаалды жаман башташып,
Жөн эле жандан кечип таштaшып.
«Кыргынды кызык салалы,
Бирибизден бирибиз
Калбай өлүп калалы,
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Жер үчүн согуш салалы.
Жыргалдуу кыргыз, аз аргын
Эл үчүн согуш салалы.
Көкжалыбыз Семетей
Шер үчүн согуш салалы,
Кайнап келген капырдан,
Кан Коңурбай баатырдан
Кагыш кылбай кайрылсак,
Караан кылып отурган
Канкор шерден айрылсак,
Өзөнгө качып конобуз
Кытайдан кыргын, талоо жеп
Өрт өчкөндөй болобуз.
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не муразга жетебиз,
Каканчынын калкына
Карсылдашып салышып,
Кырылыша кетебиз,
Бу каканчынын калкы экен,
Кыргын кылып кыргызды
Качан болсо олжолоп,
Ала жүргөн анты экен.
Кырылышпай кытайга
Кыйырды кантип берелик,
Кызыккан экен кытай журт
Муну менен бир кырылышып көрөлү.
Кечээ, уламадан уласак,
Билгичтерден сурасак,
Огой кандын баласы
Эр Каракан өлүптүр.
Кара кандын сегиз уул
Ордолуудан жаш калса,
Ойноп баары мас калса,
Кара кытай, манжуу журт
Тутанып өлгөн капырлар
Башы жок элди көрүптүр,
Камап кирип кыргызды
Камчыга ченеп бөлүптүр*.
Бирөөн айдап Эренге,
Бирөөн айдап Тереңге,
Бирөөн айдап Алтайга,
Бирөөн айдап Каңгайга.
Жаккан отун өчүрүп,
Жаман кылган кыргызды,
Жан-жабылта көчүрүп.
Түпкө чогуу жетиптир,
Түгөл кырып кыргызды
Олжо кылып кетиптир.
Олжолонуп айдалып,
Алтайга барып кырк үйлүү,
Акбалтай, Жакып эки кан
Алтайга барып турганда

www.bizdin.kg



Таалайга Манас туулган,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, олжо алып,
Орчун журтка кол салып,
Ойрон Манас көкжалың
Кытайга салып чуулган
Каканчын менен кагышып,
Эсенкан менен чабышып,
Талас өңдүү жерди таап,
Ал Таласка конууга,
Кыргыз өңдүү элди таап.
Таласты күтүп жер кылып,
Кулалы багып куш кылып,
Курама жыйып журт кылып,
Тели куш багып куш кылып,
Тентиген жыйып журт кылып,
Уюган журтту алыптыр,
Урушту мыктап салыптыр.
Бай агасын бир шаарга
Бадыша коюп салыптыр.
Аленгир жаа, сыр жебе –
Айтсак дүмөк аңгеме.
Бере, Самаркан менен Анжыян
Бул экөөнү жердеген
Алөөкө деген шер экен.
Айтсак кытай эл экен,
Ак үйлүү турган кан экен,
Менде беттеп алалбас
Темирден коргон там экен.
Арслан Манас шер келип,
Алөөкөнү алыптыр,
Кылча койбой бир жанын
Кыргын кылып салыптыр.
Алөөкө кан өлгөндө
Какандын бели сыныптыр
Канкор Манас сойду деп.
Муну менен көп кытай
Өрт өчкөндөй болуптур.
Каканчынга Бээжинге
Алөөкө кан атагы.
Алөөкөнү өлтүрүп,
Канкорлугу билинген.
Манас канкор бурут деп,
Бейжиндин кара канынын
Даңзасына чийилген,
Каарды Манас баштаган.
Манастын атын укканда
Бүткүл Бээжин солкулдап,
Бузулуп кете таштаган.
Манастан туулган Семетей,
Кастарын тигип Коңурбай
Казатын ача келиптир.
Бу канкордун уулу көкжалды
Калмакка кантип берели?
Качпай алты ай салышып,
Кармаш кылып көрөлү,
Канкордун уулу беренге
Караан болуп берели».
Деп, өшөнтүп, калың журт
Комокойлуу сыр найза
Колойтуп өөдө ашташып,
Жаңжалды жаман башташып,
Жабылышып дүркүрөп,
Жандан кечип ташташып.
Асман жарган бакырык,
Жабыла кирген калың кол
Жамгырчылап чакырып.
Жолумдуулар бетинде,
Жоодон абийир көп алган
Жолборстору четинде.
Кайраттуусу бетинде,
Качпай кагыш кылуучу
Мунун кайрандары четинде.
Жан аябай жабылып,
Жан өлчөшүп четтешип,
Кыргыз, кытай урушу
Аламан коюп беттешип.
Мингендери көй күлүк –

www.bizdin.kg



Өңкөй түрлөш кулача,
Маңдайы кашка тумарча,
Баары көкжал көйкашка.
Казылган чуңкур оруна
Жер көрүнбөй кайнаган,
Жер үстүндө бүтүн жок,
Көктөмдө чөптөй жайнаган.
Коңурбайдын колуна
Айза сунуп, балта уруп,
Аябай кол салды эле.
Үркүн-дүркүн чуу түшүп,
Үңүрөңдөп салышып,
Бет алышып калды эле.
Анын арка жагынан,
Касаба кийип калкылдап,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Атасы Манас айкөлдөн
Атайы калган Аколпок
Ай тийгендей жаркылдап,
Колундагы сырнайза,
Асынганы Аккелте,
Айдаганы он төрт ат,
Атышары Коңурбай,
Кармашары каканчын.
Беттешери Коңурбай,
Баабединге* бата айтып,
Атасы Манас жолуна
Ай туяктуу ат айтып,
Кашкая күлүп сүйүнүп,
Бүгүн тилекти Аллам берди деп,
Бу тиктеген жоом Коңурбай
Өз алдыма келди деп,
Эми белимди бекем бууймун,
Эми бек урушуп кытайга
Берен Манас атамдын
Эми кунун кууймун!
Эми атышты арбын салайын,
О дүйнө кеткен атамдын,
Өчүрбөй өчүн алайын.
Манжуунун каны Коңурбай,
Бир беттешип көрүшүп,
Бир сайышып өлүшүп.
Жаңжалды жаман салышып,
Дарт-кумардан канышып,
Бир беттешип калайын.
Өрттөн кайра тартпаган,
Ажалдан кайра кайтпаган,
Арсландын дал өзү.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү шердин тукуму.
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Өкүм шердин тукуму,
Түнөп өткөн жерине
Түптүү терек, тал бүткөн,
Түп атасы кан күткөн.
Конуп өткөн жерине
Короолоп чынар, тал бүткөн,
Мунун түп атасы кан өткөн.
А дүйнө кеткен Манастан
Артылта тууган Семетей,
Кыянат кеткен Манастан
Кыйын туулуп шер болгон,
Кыйла журтка эр болгон.
Өзөндүн суусун байлаган,
Өчөшүнө тийгенде
Өз атасын жайлаган.
Кара сууга кан куйган,
Ааламга дүмөк баштаган,
Жадаалына тийгенде
Кытай эмес, көрдүңбү,
Жакынын кайсап таштаган.
Абыкени аңтарып,
Көбөшүн көргө киргизген,
Көкжалдыгын билгизген,
Кыялына келгенде
Кырк чорону жайлаган,
Кан ичип жүрүп катыккан,
Атасын тарткан шор чыгып,

www.bizdin.kg



Кабылан болуп атыккан.
Караалуу жүргөн Каныкей,
Качып жүргөн Семетей.
Жетим жүрүп жетилип,
Жергеге эптеп кошулган.
Эрешен* тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Таласты кармап дөө болуп,
Таластагы кыргызга
Букардан келип ээ болуп,
Бул канкордун түрү ушул.
Алкымды кечип адырлап,
Жоону беттеп адуулап,
Ардай болгон Буурулду
Абай менен жабуулап.
Айбандын чоңу Ар буурул,
Аттын жайын сурасаң –
Кечээ, Кокондогу кожого*
Кордук салып турганда
Букардагы муңчуну,
Бузуп турган кезинде,
Кара болот Зулпукор
Күүлөп турган кезинде,
Таш талкалап жол кылып
Далай жерди кор кылып,
Ээлеп турган кезинде,
Кечээ, Ыргайтынын-Белинде
Ыргалышкан кезинде,
Чамачынын белинде,
Чапчыш кылган жеринде
Кыйын шер Манас каны бар,
Кырк чоронун баары бар,
Ойрон катын кыз Сайкал
Он ай тынбай сайышып,
Олжого алган Ар буурул
Кумга тууп, ташка өскөн,
Кайыптан бөлөк башка өскөн.
Кулан менен куушкан,
Кыз Сайкалдын Кылкара
Коңурбайдын Алгара
Жети тулпар туушкан.
Буурул колго тийгенде
Каныкей боздоп, зар ыйлап,
Эр ат кылып алсын деп,
Чунагы Семетейге арнап,
Башына үкү тактырып,
Бирөөнүн көзү тиет деп,
Эл көрбөс жайга бактырып.
Ырымдуу катын Каныкей
Жетимиш кулун өлтүрүп,
Арс* эмдирип бактырып.
Алдындагы мингени
Асыйына келгенде
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою* аң келсе
Буйдалбастан чураган,
Буудандыгын билгенде
Буттап* алтын-зер* берип,
Букардын каны сураган.
Сураганга бербеген,
Бермек турмак Буурулга
Бейдаарат киши минбеген.
Аркардай мойнун бураган.
Аркан бою аң келсе
Айныбастан чураган,
Буттап алтын зер тартып,
Буудандыгын билгенде
Анжыян каны сураган.
Сураганга бербеген
Бермек турмак каранды
Бет алып бирөө көрбөгөн.
Эр качкы болот деп,
Булгундан чылбыр сүйрөткөн,
Колу коло* болот деп,
Адырлуу жайга үйрөткөн.
Айбандын зору чоң Буурул,
Жай түлөгүн алганда
Кызыл Буурул жаныбар,

www.bizdin.kg



Кыштын күнү болгондо
Кара Буурул тайкы жал,
Чаткаягын карасаң
Табылгы чыккан колоттой,
Маңдайдагы кашка тиш
Таптап койгон болоттой,
Төрт туяктын чоңдугу
Сомдоп койгон чарадай,
Соорусунун кеңдиги
Кой кыркычу талаадай.
Булчуңу бука белиндей,
Басыгы сырттын желиндей.
Чуркаганы шамалдай,
Кар жилиги каккандай,
Үч кошкондун сөөгүнө
Тогуз карыш казанды
Жөн эле барып аскандай,
Семиргени сүмбөдөй,
Секиргени бүргөдөй,
Кара болот ооздук
Азууга салып чайнаган
Учучудай жаныбар
Асманга көзү жайнаган.
Бу канкор шердин Буурулу
Учкан куш менен жарышкан,
Казы алуучу боор эт
Караң калган жыластын
Казысында жабышкан.
Бу төрөнүн аты зор Буурул.
Мунун төбөсүндө көкүлү
Көзүнө ченеп түйгөндөй,
Менин атым болсо деп,
Муну көргөн адам күйгүдөй.
Казатка минер Буурул ат
Чалгынга минсе чарчабайт,
Оорукка* минсе оорунбайт,
Кагышка минсе камсыкпайт,
Алтайга минсе арыбайт,
Алтымыш асый болгончо
Азуусун сүйкөп карыбайт*,
Бу кагышка минсе казанат*
Ээлендирип жулкунтуп,
Эсеби жок Буурулду
Эр өлгөндөй булкунтуп,
Жоону көздөй бет алып,
Ата, колоктогон курган шер,
Козголбогон кайран шер,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка миңген келбети
Бөлөгүрөөк көрүнүп,
Аты Кызыр дивана
Караан болуп канкорго
Караан болуп экөөлөп,
Онжоңдогон Буурулду
Он эки желдет жетелеп.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Чолок көкжал кабылан
Жандай салып чамынып.
Ажыдаар – ак жылан
Октос берип ышкырып,
Артынан сүрөөн салыптыр,
Алпкаракуш зумурук*
Алып кетчү немедей,
Арбайта бутун сунуптур –
Колдогону бир тогуз
Колдоп калган чагы экен.
Жөлөктөрү бир тогуз,
Жөлөп алган табы экен.
Берениң өңдүү жан болбос
Бет алдында чамынып
Белгилүүсү сур жолборс.
Берен өзү кабыштап,
Берендердин баарысы
Тегеректеп жарыштап,

www.bizdin.kg



Берениңе конгон бак,
Арт жагына бөктөргөн
Төө бойлуу алтын так,
Корчоңдотуп Буурулду
Согушка чыккан ошо чак,
Касаба тоодой көрүнүп,
Көрүп алып кытайың
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Чоң күрөңчөн Эзкара
Чоң сынчысы кытайдын
Тилге чечен, кепке уста
Тиктеп сынап турду эми,
Күлдү баары көрүптүр,
Жаңжуулары таңгалып,
Кайратсыздан кээ бирөө
Жүрөгү түшүп өлүптүр.
Жүрөгү түшкөн себеби –
Адамдан бөлөк алп экен.
Атаңдын көрү, бул бурут
Канга тойбос калк экен.
Адам баспас капчалдын
Алкымынан бүткөндөй
Алыш кылган жерине
Төшү түктүү кара жер
Калыңынан түткөндөй,
Жаралган адам баласын
Айдап жүрүп жөн эле
Арышы жетсе күткүдөй.
Күн алдында булуттун
Салкынынан бүткөндөй,
Кылы калбай кытай журт
Кырк кандын эли каптаса
Жеке башы көкжалдын
Жети жылы түткөндөй,
Он сегиз миң ааламды
Ой дегизбей бүткөндөй.
Таалайы артык неме экен,
Атасы Манас айкөлдөн
Артыгыраак шер экен.
Токтобостон бул канкор
Тоону талкан кылчудай,
Токсон илек кол келсе,
Тоо томкоргон мол келсе,
Тогуз күн жеке кыргандай.
Толкуп кетсе бул чиркин
Топондун суусун бургандай.
Тоону таамай бир салса,
Таш-талканын чыгарып,
Такыр күлдөй кылгандай.
Белгилүү тууган көкжалдын
Берен экен, шер да экен,
Менде уулуна чегээ экен,
Казыналык* түмөн мал,
Бажыга жыйган сан кара
Баарын тийип алганы
Балакеттүү неме экен,
Алгара менен Карагул
Саатты жаман баштаган.
Сакал менен куйругун
Такыр жулуп таштаган.
Бул кылары эп экен,
Боо кармап адам келеби,
Кармашып киши жеңеби?
Боо чалышып адам келеби,
Чалдырбай аман кетеби?
Боо беттешкен адам мент болот
Боо кез болгон адам оңобу?
Бул асман менен көгүндүн
Тирөөсүндөй уул экен,
Жан алуучу жалаңгыч*
Бир өзүндөй уул экен.
Ар болотту жуурса
Ширөөсүндөй уул экен,
Ай-ааламды жыйнаса,
Ортосундай уул экен.
Кытай эмес кылымды,
Кылым эмес далайды,
Он сегиз миң ааламды*

www.bizdin.kg



Айта-буйта дегизбей,
Андай-мындай дегизбей,
Бет каратып баарысын
Ала турган уул экен.
Мунун алдыңкы эрди калбайып,
Күдүрлүү тоонун бетиндей,
Ар борумун таң калып,
Адам уулу көргүндөй.
Бээжинден мыктуу кан көрсө,
«Ме балам, ала койгун» – деп,-
Жөн эле тагын бергендей.
Чет-Бээжинден Эсенкан
Айласы кетип шашкандай,
Адам уулу жөн эле,
Тиктеп жүрсө жөн эле
Тил сүйлөргө кеп айтпай,
Тилеги катып качкандай,
Жаратылып мендеге
Жасалып келген шер экен,
Какандан калың кол айдап,
Алөөкөнүн Коңурбай
Кармашам деп келгени –
Кудай урган кеп экен,
Беттешип менде келеби,
Муну алышып киши жеңеби?
Эки көздүн кычыгы
Көлү соолгон буткулдай,
Калча эмес кагышса
Канчабызды жуткундай.
Ок өтпөгөн тону бар,
Ок жетпеген аты бар,
Жерге сыйбас баркы бар.
Жумуру баштуу мендеде
Мынчалык болбойт каркыбар
Кармашканды жөн эле
Канын ичмей салты бар.
Мунун серпишкен эри сексен төрт,
Мунун кыйкырыгы кызыл өрт.
Бул оңбогурду тууганда
Он сан киши той жеген.
Акылы бар адамдар
Муну менен олушпай жүргүн
«кой» – деген.
Оңбогурду тууганда
Кытай тоюн жеп кеткен,
Бул аман жүрсө кысталак
Кылымды бузат деп кеткен.
Ошону айткан киши тың экен,
Жалган эмес, чын экен.
Бул ойронду тууганда
Орус тоюн жеп кеткен,
Он сегиз миң ааламды
Ойрон кылат деп кеткен.
Ошондо сынаган адам таң экен,
Сырттан экен бачагар,
Ошонун айткан кеби чын экен,
Боору кара, сырты көк
Болумдуунун бири экен.
Жана телегейи тең экен,
Теги Манас көкжалдан
Кыраан тууган неме экен,
Жылкычыны кыйратып,
Кырк кандын элин чуулатып,
Жылкы алары эп экен.
Жылма болгон Коңурбай
Карыганда касташып,
Кудай урган көп экен.
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар шер экен,
Атасы канкор көкжалдан
Алда канча эр экен,
Бедели бөлөк канкордон
Берен да экен, шер да экен
Менде азарын салбаптыр,
Ай-ааламды чогултсаң
Боо укурук кайрар калбаптыр.
Калк жыйналып, бир болуп,
Каканчын бойлой консочу.

www.bizdin.kg



Алтын таажым кийгизип,
Алтын тагын мингизип,
Кан көтөрүп алууга
Биздин элде болсочу.
Чай алган тоо жеринде,
Алтын казган кенимде
Өрөөндөй тартып консочу.
Өрттөнгөн ушу куу бурут,
Менин өзүмдүн уулум болсочу».
Мына ошондо Эзкара
Опол-Тоодой чоң күрөң
Ойнотуп оозун бурду эле,
Орою чочуп баладан
Опсуз чочуп турду эле.
Сынап туруп Эзкара
Боконо сөөгү болкулдап,
Боктуу ичеги солкулдап
Эси чыгып турду эле,
Эрен экен Эзкара
Эпсиз сынай баштады.
Кырк уруу кытай кантет деп,
Мына ошондо Эзкара
Жандан кечип таштады.
«Кырк кандын эли чогулуп,
Кыргын болуп кыргызга
Көргөнү келген экенбиз
Көкжалдын уулу чунактан
Өлгөнү келген экенбиз,
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күчтүүнү байлап албасын.
Кандыгың мага бергин – деп,
Атасынча кысталак
Бээжинди камай салбасын.
Бет алган журттар кырылып,
Талкан болуп калбасын.
Бул Алөөкө кандын Коңурбай
Айтканыма көнсөчү,
А дүйнө кеткен шер Манас
Айып кылбай, кеп кылбай
Манастын кунун берсечи.
Айтканга Калча тил албай,
Арам өлөр бекенбиз,
Кырдырып салып кыргызга
Жаман өлөр бекенбиз»
Деп, өшөнтүп, Эзкара
Тилге чечен, кепке уста
Кара тилин кайрады,
Калк алдында токтобой
Кан Эзкара сайрады,
Сүйлөсө кеби оргондой.
Ар бир кебин караса,
Артык экен Эзкара
Сөөмөй менен сайгандай,
Атайы келсе согушка
Алтымыш балбан Тагылык
Чородон өлдү жабылып.
Баатырларын, эрлерин,
Баары кытай көрдүңөр,
Жекеге чыгып Карагул
Канчородон өлдүңөр.
Кагышып жүрүп кан өлүп,
Кармашкан жандын баары өлүп,
Учугу кетти көргөн түш,
Урууда болбойт ушул иш.
Жабагы менен беттешип,
Чама келбей турабыз,
Чабыша кетсек зор менен
Кандай айла кылабыз?!
Мендеден бөлөк баркы бар,
Берен Манас өзүнөн
Туулган экен каркыбар,
Мендеден артык туулган
Берен эрдин бири экен,
Астындагы Буурул ат
Айбанга каба бил экен.
Кызыл кыргын салышка,
Кынап берчү мал экен.
Кырк күнчүлүк чөл болсо,

www.bizdin.kg



Кыйын мүшкүл жер болсо,
Кылт этип суу жутпастан,
Кырт этип чөп жебестен,
Чыдап берчү мал экен.
Луңтуң-Кеңтуң, Диңшанын
Кездик эле мынчанын,
Бекер куйрук – жал эмес,
Мендеге бүтөр мал эмес.
Бу кызыталак Буурул ат
Айгай укса шашпаган,
Айдын караңгысында
Бир изин ката баспаган.
Тайгылбаган бийиктен,
Такыр жери кем эмес,
Тоого баскан кийиктен.
Чуу укканда сөгүлгөн,
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан бөлүнгөн.
Айгай укса шашпаган,
Бир кылчаңдап баспаган.
Тулпарлыгы кара саат,
Кара боор казанат
Атынын сыны ушу экен,
Арыш урса керилип,
Учуп жүргөн куш экен,
Атайы көкжал минсин деп,
Семетейге туш экен.
Алтай сапар жол жүрсө,
Салыш кылып мол жүрсө,
Чыдап берчү мал экен.
Тутанып өлгөн төрөнүн
Тулпары мынча бар экен.
Адам, бет алышсак өлөбүз,
Бээжинди кантип көрөбүз?
Каршылашсак өлөбүз,
Каканды кантип көрөбүз?»
Деп, өшөнтүп Эзкара
Чоң күрөң оозун бурду эле,
Кол алдында таң калып,
Эзкара кан турду эле.
Ал аңгыча Коңурбай
Зың-зың этип кенебей,
«Манастын жаман уулу» – деп,
Өзүң көргөн Семетей
Бучкагына теңебей.
Семетей каптап келерде,
Бет алышкан жеринде
Балбандарын жиберип
«Балакетти салсам – деп,
Манастын уулу төрөнү
Балбандарды жабылтып,
Эптеп байлап алсам – деп,
Кырк аркан бою зынданга
Алып барып салсам – деп,
Капкайда кегим алсам – деп,
Кубанчыга калсам» – деп,
Кутуруп турат Коңурбай.
Коңурбайдын колунда
Эчен түрлүү калкы бар,
Калк ичинде капырдын,
Кан Коңурбай баатырдын
Так ошондой алпы бар.
Кез келгенди койбогон,
Бир доңуздун этине
Бир жегенде тойбогон,
Албан түрлүү балбаны,
Эр Коңурбай жаңжалы.
Балбанынын улугу
Баарысынын тунугу
Алышса адамдын күчү жетпеген,
Арслан тиши өтпөгөн
Бу капырдын улугу,
Дажаалдары, дөөлөрү,
Түп-Бээжинге ээлери,
Баатырлары, кандары,
Балбандары, шерлери,
Менден бөлөк доошу
Адам тилин билбеген

www.bizdin.kg



Айбанга чалыш доңузу,
Жалпыларын жабылтып.
Жаң-жуңдун баарын кабылтып.
Чоюнбаш урчу мыктуусун.
Чогуусу менен каптатты.
Мына ошондо Семетей
Дооулбасты бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Каарланып бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Колду бузуп жол салып,
Жети миңин майдалап,
Жеткенинин баарысын
Кан төгүлтүп найзалап.
Орто жерин Семетей
Оюп келип берди эле,
Бир чекесин Күлчоро
Союп келип берди эле,
Капталынан Канчоро
Камындырбай кирди эле.
Калдай четин кан Бакай
Камап келип берди эле,
Бир бөйрөгүн Сары кан
Талап келип берди эле,
Жалпы жагын Жамгырчы
Сабап келип берди эле,
Кудай бетин көргөзбө,
Кандуу канга канышып,
Качпай туруп салышып,
Жер тумандап, чаң болуп,
Коктунун баары кан болуп,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо түшүп,
Муруттарын шыйпайтып,
Эр өлүгү боо түшүп.
Айза жерде бооланып,
Журт чуркурап, эр өлүп,
Калайман уруш болгондо
Эки жактан тең өлүп.
Чыңыроон* тарткан кең жайдан,
Чымчык учкан кең сайдан,
Жоо кутулбас айзадан
Күн көрүнбөйт кылычтан,
Калктын баары жыйылып,
Тоодой-таштай эрендер
Тоңкоюп аттан жыгылып,
Казатта шашып бакырып,
Кокус аттан түшкөндөр
«Мал калдылап» кысталак
Жолдошторун чакырып,
Антандап чуркап калышып,
Айбалтасын, кылычын
Ыйыгына салышып,
Ай, токто деп кээ бирөө
Одурандап калышып,
Эчен күлүк аттардын
Ээси өлүп, бош калып,
Ээри түшүп бооруна
Мойноп жүргөн мындан көп,
Эчен күлүк аттарды
Эки-экиден ээси жок
Коштоп жүргөн мындан көп.
Эсил кайран бир боорум
Эми кайдан көрдүм – деп,
Боздоп жүргөн мындан көп,
Куюшканы үзүлүп,
Шашып жүргөн мындан көп,
Эң айласы түгөнүп,
Ээри кетип мойнуна
Качып жүргөн мындан көп,
Басмайылы үзүлүп,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден көчүгү кылтайып,
Кагышка кайдан келдим? – деп,
Кармашып жүрүп өлдүм деп,
Качып жүргөн мындан көп,
Айза тийип сырайып,
Кулап аткан мындан көп,

www.bizdin.kg



Аркы-терки боо түшүп,
Сулап аткан мындан көп,
Алапайын табалбай
Шашып аткан мындан көп,
Киререрине көр таппай
Катыларга жер таппай
Качып аткан мындан көп,
Ат-атынан айрылып,
Акыр заман иш көрүп,
Аябай башка күч келип,
Акылын таппай балбаңдап,
Жөө жүгүрүп дардаңдап,
Шашып жүргөн мындан көп,
Төбөгө жазып койгонун
Көрүп жаткан мындан көп.
Мээси чыгып булайып,
Өлүп жатат тырайып.
Кылыч тийип мойнуна,
Кан төгүлүп койнуна
Денеси калып, башы жок,
Кекиртеги короюп,
Не бир кыйын балбандар
Кулап жатат тороюп,
Эр азамат барбайып,
Өлүп жатат сороюп,
Түптүз жердин баарысы
Токтоно албай тоо учуп,
Жер бузулуп, чаң болуп,
Колот менен коркурап,
Кызылдай агып кан толуп
Кызыталак куу дүйнө,
Бир көрөргө зар болуп,
Өмбүл-дөмбүл жерлерге
Өлүп, кыйрап, жан толуп,
Коочактын баары күзөлүп,
Коктунун баары түзөлүп,
Кырылса болбой эч арман
Кытай, кыргыз урушу,
Ушундай болду чоң жаңжал.
Ардай болгон Буурул ат
Аркырап чуркап жөнөлүп,
Опол-Тоодой кайран баш
Оңолбогон Буурулдун
Капкара канга бөлөнүп,
Кагышка кирсе күчөгөн
Кайып экен Ар Буурул.
Таман жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап.
Кымтып тиштеп ооздукту
Көмөкөйгө каккылап
Тал жибектей куйрукту
Чаткаякка чапкылап.
Жолум үйдөй туякты
Кара жерге мылгытып,
Айза менен Семетей
Сайган жерде кытайды
Ондон-бештен ыргытып.
Шуру отогот, маржан таш,
Коңурбайдын жанынан
Луң-туңдан эчен кан өлүп,
Карабчысын* калдайтып,
Калдайдан эчен кан өлүп,
Сандап аткан кытайды
Кайра тозуп сапырып,
Жабылышып урушуп,
Жаңжалдашып турушуп,
Желиккен айгыр минишип,
Чекеге чыгып сүрүшүп,
Түз качырып, бир-бирин
Түп этектен алышып,
Түк калтырбай бир-бирин
Курмандыка чалышып.
Уйгу-туйгу турушуп,
Удураңдап урушуп,
Кимиси түшсө барбайып,
Атын олжо кылышып.
Алкым жагын карасаң

www.bizdin.kg



Ылаачындай ыктуу кул,
Ааламды буй кылган
Атаңдын көрү, мыктуу кул.
Бейжиндиктин бетинде
Кайнап аткан кытайды
Какайлатып токмоктоп,
Кайран чоро четинде.
Берендиги озуптур,
Көз жетпеген көп колду
Көкжал чороң тозуптур.
Алмамбет уулу эр чоро
Ааламды буй кылган
Атаңдын көрү, шер чоро
Кагышка кирсе камсыкбай,
Чабышка кирсе чарчабай,
Жайнаган кызыл чок экен,
Жайнап аткан көп колду
Эрени мындай жок экен.
Жок болгонго себеби –
Кыдырата карабай,
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Кылча жанын аябай,
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,
Сыр найза кармап жөлөнүп,
Катуу согуш ичинде
Капкара канга бөлөнүп,
Күчкө салып турушуп,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсү менен урушуп,
Таш сайынган манжуунун
Тазасы менен кармашып.
Күлчорону көргөндө
Айласы кетип көп манжуу
Ашып-шашып токтоптур.
Айдап жүрөт жанчышып
Мына ошондо Күлчоро
Коңурбайды жоктоптур.
Кырк кандын эли кытайдын
Кыйындарын жайлаптыр,
Түп көтөрө баарысын
Түгөтүп бери айдаптыр.
Айгайды артык салыптыр,
Чубактын уулу Канчоро
Кылкылдап кытай жеткенде
Кысталакты карма – деп,
Кырк эки курчап кеткенде
Жаңы кармап аларда,
Терең орго саларда,
Кытай менен кагышып,
Кыраан экен Күлчоро
Казып койгон орунан,
Кайнатып койгон шорунан,
Бел байлаган белинен,
Кумурскадай элинен,
Жарлык кылса жаң-жусу*
Каптап кетчү селинен,
Кайнаган кытай элинен,
Темир аркан торчондон,
Тегиз чокмор колчондон,
Айзасы болот курчтуудан,
Акылга дыйкан камбылдан
Жети күн тынбай урушуп,
Баш кыйылып, кан төгүп,
Эчен күн тынбай урушуп,
Эми айласы кетерде
Кытай байлап өтөрдө
Кол-аягын дардайтып,
Жол үстүнө керерде,
Такыр байлап желдеттер
Таш сайынган кытайдын
Тазасына берерде,
Өлөр-өлбөс жан менен,
Өлүп кетпес ал менен
Эстен кетип бүгүлүп,
Калган экен Канчоро
Кайран жандан түңүлүп.
Түңүлүп калган себеби –

www.bizdin.kg



Алты миң кытай, сан калдай
Жамгыр кылып жаа тарткан,
Мөндүр кылып ок аткан.
Айза сайып, балта уруп,
Кылыч шилтеп, чокмор чаап,
Кырк уруу кытай жабылып,
Кырк кандын эли каптаса
Чымындай жандан түңүлүп,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Ээринен арт кетип,
Эки буту салактап,
Эки көзү алактап,
Эңип кытай аларда
Мына ошондо Канчоро
Эрбеңдеген эки кол
Өөдө болбой шал болуп,
Алмадай болгон алтын баш
Шорголоп көзгө кан толуп.
Кең дүнүйө тар болуп,
Шекердей таттуу шилекей
Бир жутумга зар болуп,
Ичи өрттөнүп күйүнүп,
Чымындай жаны чыркырап,
Кайран жандан түңүлүп.
Как үшүнтүп турганда,
Такыр каптап көп калмак
Талоонду кызык кылганда,
Эми жандан түңүлүп,
Эндирмек болгон кезинде,
Курчап кытай аларда,
Карагулдун жолуна
Курмандыкка* чаларда,
Суудай сур ат минген,
Суп куйругун чарт түйгөн,
Султан экен Күлчоро
Өөдө тартса өбөгү,
Ылдый тартса жөлөгү,
Канчоронун бөбөгү
Кармаш кылбай аянып,
Эр Күлчоро жетиптир.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсү менен сайышып,
Таш сайынган кытайдын
Тазасы менен кагышып.
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Кылчылдашып урушуп,
Кыраандарың барында
Кытайга салган жумушу.
Өңгөчө баатыр Күлчоро
Өнөрдү жаман салыптыр,
Күнү-түнү он төрт күн
Кытай менен салышып,
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Кыргынды кызык салыптыр.
Ал Канчоро баатырды
Ажыратып алыптыр.
Эки чоро биригип,
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп алыптыр,
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп алыптыр,
Канчоро менен Күлчоро
Бириктешип калыптыр.
Маңдайдагы баткалдай
Болжош болуп калыптыр,
Онжоңдошуп эки эрен
Жолдоштошуп алыптыр.
Калың кытай каканга
Өлбөгөндөн калышып,
Жолдоштошуп сайышып,
Күлчоро сайып өтүп жүр,
Канчоро башын кесип жүр.
Эки эрен кол салса
Орто жерин Күлчоро
Айдап алган өзү экен,
Лоп-лоп качып көп кытай

www.bizdin.kg



Жайнап калган кези экен.
Кырып, союп Канчоро
Айдап калган кези экен.
Анын бер жак жагынан,
Аман көрдү балдарды
Күлчоро менен Канчоро
Эки эренин көргөндө,
Баабединге бата айтып,
Ай туякка ат айтып,
«Канчоро менен Күлчоро,
Өөдө тартса өбөгүм.
Ылдый тартса жөлөгүм.
Астыга салса ак жолум,
Айдап жүрсө сан колум.
Болоттон кылган сом балтам,
Болжолу жок чоң аркам.
Чарчабаган бууданым.
Чалгынды бирге чалышкан,
Чампандан* жылкы алышкан,
Кагылайын тууганым,
Тай-кулундай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Бир төшөккө жатышып,
Бир кызыкка батышып,
Казы менен картаны
Тең бөлдүрүп жегизгем,
Аргын менен кыргызга
Качан бөлөк дегизгем!
Балдар аман экенин
Баатыр төрө билди эле,
Биле коюп аманын
Мыкыйында күлдү эле.
Быяк жагын караса,
Калк аманын каалаcа
Аргын каны Сары кан,
Туучунагын туйлатып,
Беттешкенде кытайды
Бештен сайып кулатып,
Эңкейиште эр сайып,
Экиден катар тең сайып,
Каарланып бакырып
Канкоруң Манастап ураан чакырып.
Айгай салып сапырып,
Айдаган экен кытайды
Сары кан, Бакай карысы,
Кыргын тийген эмедей
Кызык болуп баарысы.
Алкым жагы айкырык,
Акжелкедей ат минип,
Эштектердин эрени
Эр Жамгырчы сапырып.
Уй түгүндөй көп кытай
Жайнап алган кези экен,
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Айдап калган кези экен.
Калың колдо бедел жок,
Кытай, кыргыз элинде
Эмнелер бар, нелер жок.
Айзалуулар бетинде,
Талкалашып, талыкпай
Өң эрендер четинде,
Союлдуусу бетинде.
Буура төөдөй булкушуп,
Букалардай жулкушуп,
Болумдуулар бетинде,
Күчтүүлөрү бетинде,
Күжүрмөнү четинде.
Өрттөнүп өлгөн Калчанын
Жерге батпас калкы бар,
Албан түрлүү алпы бар.
Ал алпынын ичинде
Адамдан бөлөк калкы бар,
Айкалыша келгенин
Канын ичмей салты бар.
Алат ко деп урушта
Эрендерин, шерлерин
Камдаган экен каркыбар.
Айт дегенде кылт деген,

www.bizdin.kg



Уу дегенде чуу деген.
Жоо дегенде камынган,
Баары каптап кабылган.
Желдеттери жети илек,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган
Кынжылалуу балбаны.
Кынжылуусун агытса,
Катылышкан кишинин
Чыга турган далдалы.
Мунун сорготору, дөөлөрү
Согушка мыктуу ээлери
Эч ким беттеп барбаган,
Эч ким чыдап албаган,
Беттешкен тирүү калбаган.
Азыгына бил союп,
Өлгөндө араң тойдурган.
Кыргызга кыргын салат деп,
Башынан сактап койдурган.
Атасы кытай долусу,
Эңкейтип менде албаган
Айбанга чалыш доңузу,
Калдайларын, дөөлөрүн
Кайра айдады бакырып.
Ошол кезде Коңурбай
Каарланып бакырып.
Кайра тозду сапырып:
«Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түптүү кытай эл элек,
Кыргыз турмак кылымды
Кыйратарбыз дээр элек.
Кең-Алтындын баткалда,
Кең-Бээжинде жатканда
Чаян кармап жечү элең,
Чапчышарга жоо болсо,
Чалып жеймин дечү элең,
Атаңдын көрү, көп кытай
Каза берсе түгөнгүс,
Орноткон топо бел элең,
Суза берсе түгөнгүс,
Дарыя, чалкар көл элең.
Топон суу* толкуп жетпеген.
Так ошондой эл элең.
Ит болбосоң Бээжиндик,
Ичим күйдү, момуну ук!
Биздин Бээжин калаага
Топон суу толкуп тийбеген,
Азирет Аалы кирбеген,
Искендер изин салбаган,
Эч кимдер сурак албаган,
Сулайман сурап барбаган,
Басам деп кирип Бээжинди
Манас шер тирүү калбаган.
Алмамбет атып алгамын,
Улакандын Сыргагын
Курмандыкка чалгамын.
Чубакты коркок кылганмын,
Чуулдатып кырганмын.
Эми журтум, кызык кылгын карысын.
Эми кылыч менен токмоктоп,
Кыргын кылгын баарысын!
Алышып жүрүп буй кылгын,
Капканын* оозун кан кылгын,
Кара жолун чаң кылгын,
Кармап алып бурутту
Өрттөп ийип даң кылгын.
Бөрү Бакай карысын,
Мөндүр тийген немедей
Бөлөк кылгын баарысын.
Кең Таласын четтеп кет!
Кызыталак бурутту
Кыргын кылып баарысын
Кыл чыгарбай өрттөп кет!
Сары кан, Бакай карысын
Айланайын балбандар,
Кылча койбой бурутту
Кыйратып кет баарысын.

www.bizdin.kg



Байлап бергин балбандар,
Манастын уулу Семетей
Бул сыяктуу дөөсүн,
Каршылашып кармашса,
Жара чаап ий мээсин.
Жалынса укпа сөздөрүн,
Чукугула көздөрүн.
Кызын тартса болбогун,
Кылча бирөөн койбогун,
Кынжылалуу балбаным,
Сенин качан чыгат жаңжалың?
Бөлөгүн айтып нетейин,
Семетей тийсе колуңа
Өлтүрбөстөн тийгизбей,
Күлчорону байлагын.
Кандарын карап кылгыла,
Мунун калтырбай журтун кыргыла,
Кагыш кылдым бурутка
Калың эл качып аласың,
Каптап келдиң Какандан
Качып берсең жаман журт,
Кайсыл жакка барасың?
Кайраттанып эрдик кыл,
Качпай туруп шердик кыл.
Сасык камоо* кылып кет,
Калтырбай калкын кырып кет!
Балбандарым, мунумду ук!
Тамын түртүп ураткын,
Далай калкын чуулаткын,
Кайыңдан айза боолашкын,
Качпай туруп жоолашкын.
Уугу, талын кыйраткын,
Уулу, кызын ыйлаткын,
Бак-шагына суу буруп,
Бакчалатып салыңдар,
Семетей менен Бакайдын
Башын кесип алыңар,
Күлчоро менен Канчоро
Эки кулун кармасаң
Жылкычы кыла салыңар,
Сасык камал кылгыла!
Калың эли багынса
Өз билгениң кылгыла.
Буласын булап алгыла,
Кызыкты мындай салгыла.
Жайдын күнү болгондо
Жалдуу байтал мингизбей,
Күздүн күнү буларга
Куйруктуу козу жегизбей,
Кагыш кылып көргүлө,
Кайсалатып эл-журтун
Калкын миңге бөлгүлө,
Төшүнө казан аскыла,
Төрөсүн союп жоготуп,
Төмөнкү элин чачкыла,
Сары кан менен Жамгырчы
Бул экөө тийсе колуңа
Койбой жанчып калайык,
Белинен кармап бүктөгүн.
Бек шумдук ушул болду – деп,
Эки көзүн тең чукуп,
Эки колун тең байлап,
Башына коок* кийгизип,
Бээжинди көздөй жөө айдап,
Алым-салык бергин деп,
Аябай алым салгыла!
Кызыталак буруттун
Кыйнап башын алгыла!
Кыл эмесин таштабай
Кыл маңдайын, шерлерин,
Кыйынсынган эрлерин
Баатырын байлап алгыла.
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Ала канчык шыбыргак*
Күндүн куюн бузгула,
Куйүттү күчтүү салгыла,
Күндүр-түндүр урушуп,
Эр тынымын алгыла,

www.bizdin.kg



Алтын менен күмүшүн
Олжо кыла салгыла.
Дүнүйөнүн баарысын
Бууданына арткыла,
Буруттуу бузуп келдик деп,
Эр Эсенкан алдына
Тартуу кылып тарткыла.
Тулпар тийсе олжого,
Олжо кыла салгыла.
Беренжини* байланып,
Беш-Бээжинди айланып,
Бээжинге тартып баргыла,
Ак үйлүүдө Алөөкө
Атабызды кайсаган
Ошонун куну алгыла.
Кызыталак бурутту,
Бурут деген журутту!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Балбандарын, шерлерин,
Каруусу толук эрлерин,
Шуру отогот, маржан таш,
Коңурбайдын жанында
Луң-туңдун каны аралаш,
Улугун жыйды аябай,
Атка оюнчу, жөө күлүк,
Коңурбай салды чоң бүлүк.
Анын бер жак жагынан
Атагын билген чочуган,
Он беш жыл тыным албастан,
Ажыдаардын алдынан
Ажайыптан окуган,
Беттеп менде барбаган,
Беттешкен аман калбаган,
Зыйкыр* билген эрлерин,
Жоого кайбыл шерлерин,
Кагышта жанга күч келсе
Жебеден мурун жетерин
Жетип атка миңгизип,
Алып жүрүп кетерин
Шамдагайы болжолсуз.
Шакылдаган күлүгүн,
Чалма уруучу ыктуусун,
Чалышка камбыл мыктуусун,
Адамдан бөлөк дөөлөрүн,
Кагышка келсе кан төккөн
Жаңжалдардын ээлерин,
Жалпы жыйнап эренин,
Каңкор Калча берени
Алөөкөнүн Коңурбай
Жоонун айласын артыкча билген
берен ай
Айзакерден Калчанын
Ыктуу экени дагы чын,
Жоонун айласын билген ашкере
Мыктуу экени дагы чын
Алөөкөнүн Коңурбай
Керүүгө салган там ошол
Кечилдин мыктуу кан ошол.
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Добушунан жан чыккан,
Толкуганда Калчага
Тоо туруштук бербеген.
Толуп жаткан алп каптап,
Бирөө тозгоол бербеген.
Кең Анжыян туулган,
Керише чыккан мендеге
Бирөөнө моюн бербеген.
Жолуң каткан Коңурбай
Жолборсу он беш төлдөгөн,
Жолоп адам келбеген
Ажыдаар баккан алтымыш
Анын аржак жагында
Кылыч тумшук* били бар.
Кыргынга мыктуу Калчанын
Бул эрлигин билип ал.
Көкжал түрлүү Калчанын
Көөбөлөрүн билип ал.
Көзү көпкөк темирдей,

www.bizdin.kg



Мурду тоонун сеңирдей,
Кыл муруттун бир кылы
Майлуу балта сабындай,
Калбайыңкы ээрди
Калдайчынын кабындай,
Сакалы типтик Калчанын
Карупчу тешип өткүдөй,
Каарланып Коңурбай
Калың колун шаштырып,
Куйругу саян, жалы аз,
Кулан кууса куткарбас,
Куушкан жоого болгон маш.
Булуттай учкан чоң кара ат
Бура тартып Коңурбай
Буттай темир курчанып,
Булуттай учкан кара аты,
Бучкактан ары бир салып
Булкунганда чоң Кара ат,
Үстүндөгү Калчанын
Темингиси* телпилдеп,
Кол токмоктой кара чач
Аркасында селкилдеп,
Көз айнеги балкылдап,
Көөкөрдөй* болгон чоң күбсөр*
Арт жагында жаркылдап.
Калың манжуу түмөн кол
Капа кылып шаштырып,
Эри өлгөнсүп жулкунтуп,
Ээн калган чоң кара ат
Ойку-тойку бастырып,
Кутургурдун кара аты
Кара атынын бар эди
Капталында канаты.
Он сегиз миң ааламды,
Кылышкан жоо далайды,
Алөөкөнүн Коңурбай
Талканча чалган адаты.
Кол ичинде Коңурбай,
Коңурбайдын үстүндө
Чылк болоттон көк күбө,
Ок өтпөгөн бек күбө,
Көөхардан топчу муштумдай,
Көрчү болсоң, ушундай.
Көк күбөнү жамынып,
Көрчү болсоң Коңурбай
Көк жолборстой чамынып.
Каарды жаман баштады,
Калтырбастан сан колун
Кырып ийе таштады.
Береленип белсенди
Белгилүү абаң Коңурбай
Бери* ургандай теңселди.
Опол-Тоодой көрүнүп,
Каарланып жайланды.
Алтымыш батман* чоюнбаш
Кынай белге байланды,
Ачууланып сөгүнүп,
Он сегиз миң ааламды
Жутуучудай көрүнүп,
Коңурбайың шок чыкты.
Кылымда мындай кара саат
Байкаганга жок чыкты.
Кылычынын мизинен
Кызыл мунар от чыкты,
Комокойлуу айзаны
Колойтуп өөдө аштады,
Бир кыйкырса Коңурбай
Кытай эмес, кыргыз журт
Кырылып кете таштады.
Арыслandай көзү жайнады,
Алөөкөнүн Коңурбай
Эски оорусу кармады.
Каарды катуу баштады,
Калдай, шибе манжуусу
Жандан кече таштады,
Ачууланып бакырып,
Калың колун күттү эле,
Каарланган баатырдын,

www.bizdin.kg



Кан Коңурбай капырдын
Калтылдабай кара жер
Калыңынан түттү эле.
Айзачанын айкырып,
Камап кирди Коңурбай,
Күрмө кийген күчтүүсүн
Сабап кирди Коңурбай.
Манжуусун башка айдады,
Коңурбай антип турганда
Аламан салбай аянып,
Ал колдон бир жан калбады.
Кол алдында чуулдап
Коңгуроо бекем кагылды.
Кожураган көп кытай
Аламан коюп жабылды.
Коңгуроо урган дуңшасы
Жер бузулуп, кир болуп,
Жер үстү менен бир болуп,
Кумурскадай быжырап,
Курчаган кытай эл болуп,
Айза сунуп чуу туруп,
Асманга чуу бурулуп,
Азиз болгондо бу кытай
Кырк кандын эли жыйылып,
Аламан каптап кол салып,
Аскери арбын дүң болуп,
Кагышкан адам жөн эле
Карарып жерде жүн болуп
Каптап кытай калганда,
Асмандан түшкөн боз кисе
Алып белге курчанып
Асман жарган кытайга
Манастын уулу Семетей
Бастырып чыгып кол салды,
Анын арт жак жагынан,
Суудай супсур ат минген,
Сурмалуу көздөн кан тамган.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Өзү жоонун айласын
Артык билгең кайран эр,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадырек*.
Кайра жаачу булуттай,
Каар бетине айланган,
Кынсыз кылыч байланган.
Жоого ылайык ыктуу кул,
Жоонун айласын билген
мыктуу кул.
Каарланып бакырып,
Канкор Манастап ураан чакырып.
Кайнап жаткан кытайды
Кайра айдады сапырып.
Алкымын айдап Күлчоро
Кез кез деген кан өлүп,
Келберсиген эки эрге
Кез келгендин баары өлүп.
Керишти кенен салды эле,
Баягы байдын уулу Бакай кан
Бал менен оозун чайкаган.
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көгала калкан ойногон,
Көрсө жоону койбогон.
Атасы Манас сырдашы,
А дүйнөлүк курдашы
Кармашары Каканчын
Карыганча Бакайдын
Чымчышканы Чынмачын,
Чындашканы Коңурбай,
Ажал жетсе өлөм деп,
Өзүң көргөн Коңурбай
Кармашты катуу салам деп,
Көкжал туулган Семетей
Көп кытайдын ичинен
Ажыратып алам деп,
Курган Бакай абасы
Көп согушка кириптир,
Кутпа жагын сүрүптүр.

www.bizdin.kg



Кашайлатып Бээжинди
Кайран Бакай абасы
Каканчыны какшатып,
Кайра тозуп жүрүптүр.
Маңдай жагы бакырык,
Чубак уулу Канчоро
Бу да айдап сапырып,
Алкымын айдап тийиптир,
Сары кан менен Жамгырчы
Сапырылган көп кыргыз
Айчыгы алтын туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Аскер жүрүп топурап,
Асманга учуп топурак,
Аскер кайнап топурап,
Бет алышып сайышып,
Кызык болуп беттешип,
Кырылышып калышып.
Маңдайлашып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Кемегедей бир жерди
Кесе чаап оюшуп,
Буйрук ушул болду деп,
Өлүп кеткен адамын
Кийми менен коюшуп.
Эрендин баары жоюлуп,
Баатырлардын баарысы,
Кыпкызыл канга боёнуп.
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Кырылышып, ок атып.
Азды каптап көп кытай,
Демге койбой жоготуп,
Аламан коюп Коңурбай
Дүмөктү жаман баштады.
Катын менен баланы
Эми көрбөй калдык деп,
Кайратсыздын баарысы
Жанынан кечип таштады.
Ат атынан жөө болуп,
Туйлап жүргөн андан көп,
Жакынынан айрылып,
Жан боорду кайдан көрөм – деп,
Ыйлап жүргөн андан көп.
Ардай болгон Буурулду
Ээлендирип жулкунтуп,
Эпсиз күлүк каранды
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Жоо көзүнө Семетей
Көк ала тоодой көрүнүп.
Манас баштап сан киши
Баткалынан жабылып.
Кечээ, кабарында бар бекен,
Сары талдан сайдырган
Талы калган Бээжинге.
Сап алтындан орноткон
Тагы калган Бээжинде,
Каканга калган жыйганы,
Каалаганы – ыйманы.
Бээжинге калган жыйганы,
Бейлегени – ыйманы.
Берен Алмаң көйкашка
Бекем колдоп алыптыр.
Акбалтайдын Чубагы
Ойгуттардын кыраны
Акбалтайдын арысланы
Көгала сындуу ат минип,
Акбалтайдын Чубагы,
Ааламды буй кылган
Атаңдын көрү чунагы
Сапырылтып кол айдап,
Алкым жагын сүрүптүр,
Арбактары көрүнөө
Эрендер мынча келиптир,

www.bizdin.kg



Эңиш кылган кыргынды
Жолдош боло бериптир.
Колдогону бир тогуз
Колдоп алган чак экен.
Жөлөгөнү бир тогуз
Жөлөп калган чак экен
Токтоп сайган жерлерин
Манас уулу эр канкор
Тоону талкан кылгандай.
Топтоштуруп сандатып,
Толгон жанды кыргандай.
Көк темирден туулга
Көмкөрө башка кийиптир,
Эл ортосун Семетей
Жоо кайдалап сүрүптүр,
Чакчалекей чаң кылып,
Кез болгонун дан кылып,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсү менен урушуп,
Таш сайынган кытайдын
Тазасы менен урушуп,
Карапчылуу кандары
Канча милек жандарын
Аламан кылып урушуп,
Айкайлашып турушту.
Жер тумандап чаң болуп,
Кокту, чуңкур жер менен
Булактай агып кан толуп.
Орто жерин Семетей
Оюп келип берди эле,
Эки бетин Күлчоро
Союп келип берди эле,
Калдай четин кан Бакай
Камап келип берди эле,
Бир бөлүгүн Сары кан
Талап келип берди эле,
Жабыр жагын Жамгырчы
Айдап келип берди эле,
Туш-туш жагын Канчоро
Жайлап келип берди эле,
Жер жарылып, чаң толуп,
Кыл муруту шыйпайып,
Кылагар көзү алайып,
Өлүп жаткан жандар көп,
Чаткал-чаткал жерлерден
Чачы калып булайып,
Төөдөй, аттай калмактар
Өлүп жатат булайып.
Кыргын болуп кыйласы
Өлүп жатат тырайып,
Эр Семетей чоң көкжал
Кайлап жаткан кытайды
Калкын көздөй сүрдү эле,
Ашып-шашкан кытайды
Кайра айдап Коңурбай
Кайра сабап кирди эле.
Каарды катуу баштады,
Каканчыны токмоктоп,
Кырып ийе таштады.
Атаңдын көрү, кытай журт,
Куудай сакал карыңды,
Кудай алсын баарыңды!
Кытай болбой жерге кир,
Кыргызды кырып, олжо албай,
Кырылып кантип кетесиң
Кыл эмең калбай сайылып
Кырылып кантип кетесиң
Калдайың өл, каның өл
Кармаш кылып кытайды
Калбай такыр баарың өл.
Качыр миңген дөөң өл,
Алп көтөрбөс жөөң өл.
Кара курттай калкың өл,
Калбай кытай алпың өл.
Таянганы темирдей,
Манастын жаман уулунан
Кырк кандын эли сайдырып,
Кырылып келди дедирбей,

www.bizdin.kg



Туулбай туна чөгүп ал,
Адам болбой өлүп ал.
Кармашарың аз бурут
Кыргын кылып, кыз албай
Каканга кантип жетесиң,
Кыл эмең калбай кырылбай
Кантип тирүү кетесиң?
Күрмө кийген каның өл
Кан Эзкара баш болуп,
Калбай журтум барың өл!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Алгара оозун бурду эле,
Айкырыгы таш жарып,
Калкын тозуп турду эле,
Өз билгенин кытайга
Кылып ийди Коңурбай,
Эчен манжуу эрлерин
Айбалталап токмоктоп,
Кырып ийди Коңурбай.
Жадаалды жаман баштады,
Жалаң манжуу, көп тыргоот
Каарына чыдабай,
Кырылып кете таштады.
Мендеден артык туулган
Бел эмеспи Коңурбай,
Беттесе жол түшүргөн
Шер эмеспи Коңурбай.
Беттесе чөл түшүргөн
Шер эмеспи Коңурбай.
Коңурбай кытай улугу,
Ааламга жетет бузугу,
Кобуртунан чаң чыккан,
Козголгондо жан чыккан.
Сайышынан кан чыккан,
Сарала желек туу алган,
Чок-Табылгы жайлаган.
Чоң кара атын байлаган,
Калдайдын уулу капырың,
Кан Коңурбай баатырың
Астындагы Кара аты
Кара атынын бар болчу
Капталында канаты.
Опсуз жини кармаса,
Он сегиз миң ааламды
Талкандай чалган адаты.
Бекип жаткан Бээжиндин
Бели эмеспи Коңурбай,
Топон суу тоскоол кылбаган,
Шер эмеспи Коңурбай,
Алышкан далай алпы бар,
Кагышканды зор Калча
Канын ичме салты бар.
Кан Эзкара карысы
Калтырбай айдап токмоктоп,
Каарды катуу баштады,
Калтырбай айдап баарысын
Кырып ийе таштады.
Алөөкөнүн Коңурбай
Баатырлыгы озду эле,
Кырк уруу кытай, түмөн эл
Кыл жылдырбай эр Калча,
Калкынын баарын тозду эле.
Күчөп жаңжал баштады,
Калтырбастан каканды
Кырып ийе таштады.
Каарланып бакырса,
Калдайларын чакырса,
Адам эмес, Калчадан
Айбан коркуп, чуу турду.
Сурунай-керней тартылып,
Каары катуу артылып,
Жадалды жаман баштады.
Коңурбай түрүн көргөндө,
Өзү качып көп манжуу
Түгөнсөк мейли көөнү – деп,
Кырылып кете таштады.
Коңурбай үнүн укканда
Кериней-сурнай тартылды,

www.bizdin.kg



Керикке ок-дары артылды.
Балааны башка баштады,
Манжуу, тыргоот, көп калдай
Жабылып уруш кылууга
Жанынан кечип таштады.
Манжуулары, шерлери
Касап* көрүп Калчадан
Казатка чыккан эрлери
Манжуу каны Эзкара
Жагал менен Орконго
Жаның чыккан кытайдын
Жаңжалы мынча болорбу,
Жаңжуңдун баары жабылды
Манжуулары эрлери
Кол салууга камынды.
Тоо солкулдап, суу жүрдү,
Жер өрттөнгөн чуу жүрдү.
Каарды катуу баштады,
Журт чуркурап, көл толкуп
Жадаалынан Калчанын
Жандан кечип таштады.
Алтын айлуу сыр канжа
Айласы толук, заары күч
Алачыктай чоң Калча
Аянып Калча калбады.
Алтымыш кытай, сан калдай
Атынан түшүп жүгүрүп,
Атынын оозун кармады.
Тутулуп өлгөн Коңурбай,
Тургусу келбейт доңуз ай.
Дүңгүрчөктө* тамеки
Төбөңдөн тийген канжага
Төрт кочуштап салды эле,
Дөө-алпын көрчү Калчанын,
Төрт ээли толбой калды эле.
Канжаны тартса коркурап,
Коё берсе түтүнүн
Кол ыштык болуп буркурап.
Кол эсинен жаңылып,
Алты миң кытай, сан калдай
Адашып кетти чуркурап.
Бу каарланса Коңурбай
Кашатка чыга коңгудай,
Кытай эмес, эр Калча
Кылымды такыр соргудай.
Көзү адырдын буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Көрсөң мындай Коңурбай.
Көрүнгөндү соргудай
Кыйкырып Калча чамынса,
Кылым чыдап келгисиз.
Кызыталак капырды
Кырышып менде жеңгисиз.
Чалкытташы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой.
Кайсаганы камандай,
Кайра тозсо кытайды
Камбыл Бакай, Семетей
Кай айласын таба албай.
Айла таппас себеби –
Бээжинге мыктуу бел экен,
Бендеден артык шер экен,
Бу кырк урук кытай кыйыны
Кан Коңурбай дээр экен.
Коңурбай түрүн көргөндө
Бу манжуусу кайра шоңшоңдоп,
Баатырлары, эрлери
Аламан койду оңшондоп.
Жалаң бурут сени деп,
Жамгыр кылып жаа тартты,
Мөндүр кылып ок атты.
Жаадалды жаман баштады,
Жалаң кыргыз, көп аргын
Жандан кечип таштады.
Маңдай-тескей турушту,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушту.
Баатырларын, шерлерин

www.bizdin.kg



Көрүп жаткан мындан көп,
Аламан чуунун ичинде
Кайра тартып качам деп,
Айза менен бирди жеп,
Өлүп жаткан мындан көп.
Чоюн баш тийип чоюлуп,
Ородой башы оюлуп,
Чыйраксынган ал өлдү,
Бул жаңжалдын ичинде
Албан түрлүү калк өлдү.
Эрен өлдү, кан өлдү,
Эчен түрлүү жан өлдү.
Мына ошондо Семетей
Жетиктеп белин курчанып,
Жети түмөн кытайга
Жеке аралап кол салып,
Кыр төбөдөн коркурап,
Согуштан кара кан агып,
Эрендин баары күйүнүп,
Эпсиз экен кытай деп,
Баатырлары, шерлери
Кайран жандан түңүлүп.
Кыргындуу казат башташып,
Кылча көрбөй куу жандан
Түңүлүшүп ташташып.
Эсердин баары бетинде,
Эбегейсиз кыргында.
Эрендин баары четинде
Алсыздын баары алдында
Көргөндө болбойт эч арман
Кыраандарың барында
Кытайга салган чоң жаңжал.
Аскер кайнап топурап,
Адам толуп топурап,
Чакчелекей чаң болуп,
Буудуң челек кан болуп,
Эрендин баары жалпайып,
Жер талашып, дан болуп.
Караса көзгө илинбей,
Кытай, кыргыз урушу
Кайсы экени билинбей,
Он сегиз күн аралап,
Олуя-Дөбө талаалап.
Ат кырылып, эр өлүп,
Азамат чарчап, тең бөлүп.
Ойдо толуп, түз болуп,
Опсуз кыргын болду эле.
Ортосунда Коңурбай
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскардай көрүнүп,
Коңурбай бекер эр эмес,
Менде беттээр шер эмес.
Иттин чоң өтүгү чойкоюп,
Короздой мойну койкоюп.
Чоң салышта Коңурбай,
Жоонун айласын билген доңуз ай.
Өңү бышкан өпкөдөй,
Көз үстүндө кара каш
Бөктөргөлүү чапандай.
Эңишип менде алабы,
Беттешкен аман калабы?
Жалгыз Калча боруму –
Чоң өтүктүн таманы,
Он эки карыш сере экен.
О дүйнө кеткен Манасты
Тутанып өлгөн бу чочко
Мерт кылары эп экен.
Жаасы бөлөк жалжайып,
Жаанамдан* мыктуу эр Калча
Менеден бөлөк калжайып,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүндөй көрүнүп,
Жан алычу жалаңгыч
Бир өзүндөй эр Калча.
Кылычынан чаң чыккан,
Кыялынан жан чыккан,
Көкжалдыгын караңыз,
Көкжал Калча абаңыз

www.bizdin.kg



Кыргын десе сүйүнгөн,
Кытайдын мыктуу кан ошол,
Кылымдын баарын багынткан
Кытайдан чыккан шер ошол.
Касаба* колдо калкылдап,
Алтын жаак айбалта
Билегинде жаркылдап.
Көрсө көңул бөлүнүп,
Кырышка кирчү чоң күбсөр*
Оң жагында көрүнүп,
Баданасы балкылдап,
Баары курчтан чоюн баш
Оң жагында жаркылдап.
Кара-Мойнок Таш-Кашат
Алөөкөнүн Коңурбай
Кагышка чыга келди эле.
Белсөөлөнүп сөгүлүп,
Мендеден бөлөк көрүнүп,
Отого туу* балкылдап,
Он эки чалгын чоң күбсөр
Ал белинде жаркылдап.
Тоодой-таштай көрүнүп
Коңурбайды көргөндө
Эл чуркурап, чуу туруп,
Көңүлү жаман бөлүндү,
Калың колун шаштырып,
Астындагы чоң кара ат
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Ээлендирип булкунтуп,
Көргөн элди шаштырып,
Жоо кайдалап шаштырып
Астындагы кара аты
Ойку-тойку бастырып,
Каалгадай кашка тиш –
Калайыктан башка тиш.
Тиштенгенде тим эле
Таруудайдан быркырап,
Калың манжуу, көп шибе
Коңурбай түрүн көргөндө
Колоп-колоп чуркурап.
Кебез белбоо кечилдер
Коңурбайды көргөндө
Кеттик деп жандан түңүлүп.
Алтымыш жайсаң, кырк кытай
Чоң төрөнүн алдына
Келин болуп жүгүнүп,
Күрмө кийген күчтүүлөр
Эми кыргын болдук деп.
Кысталак жандан түңүлүп.
Бадана кийген баатырлар
Кан ичүүчү капырлар
Чокмор чапчуу ыктуулар
Чоң атакты көп алып,
Кан ичүүчү мыктуулар
Алөөкөнүн Коңурбай
Албан түрлүү алпы бар,
Аламын деп кыргызды
Атайы келген каркыбар.
Көкжалы бар, шери бар,
Көп түгөнбөс кеби бар.
Жай койгондо жөн эле
Тоого-ташка урунуп,
Бөөдөсүнөн өлөр деп,
Кызык экен жандары,
Кынжылалуу балбаны.
Кыйкырып Калча алышса,
Катышышкан менденин
Жөн эле чыгат далдалы.
Ал балбандын ичинде
Күн жаадурчу жайчы бар.
Балбандардын колунда
Жеткен жерди туураган
Темирден болот кайчы бар.
Жерге сыйбас калкы бар,
Жерге кирген капырдын,
Кармашкандын баарысын
Канын ичмей салты бар.
Алптарынын мингени –

www.bizdin.kg



Качыры бар, төөсү бар.
Ай-аалам жеңип алгысыз,
Чоң-Бейжиндин ээси бар.
Так ошондо Коңурбай
Кыргызга кыргын салам деп,
Кырк жол Манас тирилсин,
Болбой чаап алам деп,
Сазан-Шаңдан кол алган,
Маңгүбө деген шаардан
Жалгыз көздөн мол алган,
Маңгүбөдөн балбаны
Жесе даамга тойбогон
Алышса жанды койбогон,
Бузукту мурун ойлогон,
Бурулуп жанга койбогон,
Киши билгис сөзү бар,
Маңдайда жалгыз көзү бар,
Балбандан башка аты бар,
Көк темирдей куралып
Бу түбүнөн чыккан каркыбар,
Балбандары башкача,
Суур көрсө сууруп жеп,
Кашкулак көрсө кармап жеп,
Кулан көрсө кууп жеп,
Теке көрсө терип жеп,
Адам менен жүрбөгөн,
Сүйлөсө тилди билбеген.
Алыш кылып отурса,
Арыслан тиши өтпөгөн.
Алыш кылып отуруп,
Адамдын алы жетпеген,
Эч ким чыдап барбаган
Бет алып менде албаган,
Адам барбас себеби,
Балбаны башка бир тоодой,
Баатырлык жөнүн сурасаң,
Согуштан кайра тартпаган,
Соолгур жайы ушу экен
Эңиштен кайра тартпаган.
Тирүүсүң десе күйүнгөн,
Өлөсүң десе сүйүнгөн,
Жоо кайдалап Калчаны
Чатагын арбын күч кылган,
Чапчыганда тоо-ташты
Жөн эле кармап түз кылган.
Алардын жайын сурасаң
Энеси Инди жалабы,
Өрттөнүп кеткен бу журтту
Эңкейтип киши алабы?
Абыдан түбүн сурасаң
Атасы кытай долусу,
Адамдын тилин укпаган
Айбанга чалыш долусу
Так ошондон чогултуп,
Тандап келген балбаны,
Талыкпай согуш кылууга
Тандап келген балбаны,
Катылса талкан кылат деп,
Каалаганы а дагы.
Кармашты көздөй бет алып,
Каалап турду аа дагы.
Карысы толук капырдын,
Кан Коңурбай баатырдын,
Бурутка бузук салар деп,
Кагыш кылса шүк эле
Кандарын байлап алар деп,
Кара жанга күч келсе,
Жара тартып салар деп.
Колу темир балбанын
Койбой жыйып алыптыр.
А балбандын мыктуусу,
Айзакерден ыктуусу,
Кагыш кылса жөн эле
Бура тартпай чыкчуусу.
Каарды катуу таштаган,
Катуу жини киргенде
Ташты жара муштаган.
Балбандардын эрени.

www.bizdin.kg



Баарысынын берени.
Кагыш десе жөн эле
Бура тартпай өлчүсү
Кан Коңурбай баатырга
Караан болуп берчүсү.
Балбандардын башкасы,
Ача сакал Кашкасы
Катын кандан Оронго
Кармашка мындай болорбу,
Токушкерден Дуушаңы
Жолумдусу мынча бу.
Абыданы Акаяр,
Кара белбоо Бекери,
Кыжылдаган жыластар
Кан Коңурдун жөкөрү.
Мында кайчы кулак Каман алп,
Жору куйрук Жоон алп,
Мында кетмен кулак Кейиш алп,
Артык балбан дегендер –
Тийишкенди тим эле
Тирүү койбой жегендер.
Түрүү суук балбандар,
Түгөл камдап Коңурбай
Кежирди сүйгөн баатыр ай
Көрсө мынча жол айдап,
Келген экен капырай.
Беттеп менде барабы,
Беттешкен тирүү калабы?
Коңурбай буйрук кылганда
Таш жарылып, кум күйдү,
Арбалаңдап жөө жүрдү,
Ааламдын Калчанын
Ашмак болду бүлүгү.
Атка оюнчук капырдын
Желмаяндын күлүгү,
Каары келип каптатып,
Коңурбайдын бүлүгү.
Колун каптап калган соң
Баатырларын, эрлерин
Басып байлап алды эле.
Баары журту дүркүрөп,
Качып үркүп каларда
Манастын уулу эр көкжал
Семетей серпиш салды эле,
Жору куйрук Жоон алпка
Жолборс экен Семетей,
Бет алыша жетти эле.
Беттегенде берениң
Керигинин үстүнөн
Көмө коюп кетти эле,
Уйбу-шуйбу балбаны
Дүрбөп аттан жүгүрүп,
Жаңжалды жаман салгыча,
Керигине мингизип,
Ажыратып алгыча,
Тегерегин карабай,
Теңиз экен Күлчоро
Тегеле жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кызыр чалган Күлчоро
Кыраан экен көкжалың
Кылча жанын аябай,
Астындагы Суркоён
Кара жаак ак камчы
Кармай калып имерип,
Каң дегизе бууданды
Касагага тартып жиберип,
Атасы албан беренден
Алып калган Жойкума,
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан
Кыйкырып кындан чыгарса,
Кан ичпей куру жүрбөгөн.
Канга мыктап тойбосо,
Кайта кынга кирбеген,
Кан ичпей куру жүрбөгөн
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегенден өрт кеткен,

www.bizdin.kg



Таамай кыйгап шилтесе
Таштан кайра тартпаган,
Кан ичпей куру кайтпаган,
Кайыбынан* кабылган,
Шер кенжеси Манаска
Асмандан түшкөн алты курч*
Кайыбынан табылган
Жоого салса топ бузар
Кылычты колго алганда,
Айта-буйта дегинче,
Ачып көздү жумганча,
Желдеттери жеткенче,
Жетип алып кеткенче,
Жебеден мурун жетти эле,
Жору куйрук Жоон алптын
Жеткен жерде Күлчоро
Шай колдогон кыраанын
Башын кесип өттү эле,
Боз алалуу туу болуп,
Бойбойлогон чуу болуп,
Ай касаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп.
Күн тутулуп, жер күйүп,
Эр күбүлүп, шер өлүп,
Эчен балбан тең өлүп.
Топурак күйүп, чаң учуп,
Айлалуу баатыр Күлчоро
Артык көкжал Семетей
Эки шер катар биригип,
Кайнап жаткан кытайга
Каптап кирип жол салып,
Кумурскадай көп журтка
Курган экөө кол салып.
Жети миң кытай, сан калдай
Жетик экен абыдан.
Жеткилең эрен Коңурбай
Алп-дөөсүн баарысын
Айдап жетип каптады.
Чынмачындын кандарын,
Чын айлакер жандарын,
Акылга дыйкан эренин,
Айла тапкыч беренин,
Айдап келип салды эле.
Балбандын баары жабылып,
Байлачуудай камынып,
Каруусу толук Коңурбай
Кармаш кылып турду эле.
Калбай каптап кытайды
Жана Кудай урду эле.
Жан соогалап, кыргыз журт
Күлчоро менен Семетей
Бул экөөнү пааналап.
Экөө жүрөт кытайда,
Кыргында жеке аралап
Бет алдынан Семетей
Кырдырбай журтту калкалап,
Бет алганын Күлчоро
Чөл түшүрүп талкалап.
Тирелишип турушуп,
Тиктешип жаман урушуп,
Так өшөнтүп турганда,
Бек эрени Коңурбай
Катынын кара баскансып*,
Кайгыланып бакырып,
Куугуну жакын калгансып,
Кутургур жайы ушундай.
Акаяр менен Каман алп
Мыктуудан экөөн чакырып:
Бүлүк салып балбанга
Балбан эмес, бар жанга.
Чалгынын чукул куугансып,
Чалышты сүйгөн Коңурбай
«Менин чалышар кезим ушул – деп,
Катыны эркек туугансып,
Буурул атчан бурутту
«Айланайын, балбандар,
Бура тартпай курут – деп.
Калдайлар катар жабылып,

www.bizdin.kg



Каран түндү салгыла,
Бере беренсиген Күлчоро
Баатырды байлап алгыла,
Силер илек, бул жалгыз
Каптап күчкө салгыла,
Желиккен бойдон чүү коюп,
Жетик каптап алгыла,
Жетимиш курчай салгыла!»
Жаа сынакчан балбанын
Жабыла курчап калгыла.
Бул өрттөнгөн канкордун
Өзүн өлүм кылгыла,
Ардай болгон Буурулун
Олжо кылып тунгула.
Кан экенин билгиле,
Башына коок* кийгизип,
Эки колун тең байлап,
Желмаян төөгө мингизип,
Жетиден билге арткыла
Какандагы Карыкан
Тартуу кылып тарткыла.
Эрикпей жаңжал салгыла,
Күлчоро менен Канчоро
Экөөн байлап алгыла.
Кытай милек, кыргыз аз,
Кыргын кылып өткүлө,
Түбүнө чогуу жеткиле!» –
Деп, өшөнтүп Коңурбай
Алтындан тизгин булкунтуп,
Ээленген Кара атын
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Эсепсиз экен Коңурбай
Жалаң балбан көйкашка,
Баатырлары бир башка.
Балбандардын баарысы,
Баатыр Калча карысы
Айласы толук, заары күч,
Коңурбай көрсөң күдөр үз.
Мына ошондо Коңурбай
Сегиз миң кытай, сан калдай
Ошончо колдун ичинде
Серпишке мыктуу Коңурбай.
Эл билбеген жол менен,
Эчен түмөн кол менен
Көкжалга каптап жетти эле,
Асман жарган чуу менен,
Алеңгир дүмөк, дуу менен,
Терең казган ор менен,
Жерге сыйбас кол менен
Каптап дагы кирди эле,
Туш-тушунан тумандап,
Турбай айза сунду эле.
Сан түмөнү бир сайып,
Калчаны Кудай урду эле,
Карандай мүшкүл иш кылып,
Тегеректеп турду эле.
Камбыл экен Каман алп,
А балбандын ичинде
Беттешкенди койбогон,
Бир доңуздун этине
Бир жегенде тойбогон,
Каарды катуу баштаган,
Төөнү жаза муштаган,
Төбөңдөн тийгир кандай жан,
Түрүн көргөн чочуган,
Түгөнгүр жайы ушундай.
Ажайыптан* окуган,
Зыйкыр окуп, кат алып,
Дүмөктүү Какан шаарына
Каман алп болуп аталып,
Баатыр экен, дөө экен,
Каканчыга ээ экен.
Каарланса Бээжинди
Кырып ийчү жан экен.
Артык балбан, чоң соргок
Мындайлары бар экен.
Мунун түрүн көрүп чочуткан,
Куйкаланган чочкону

www.bizdin.kg



Чоң сыйкырдан окуткан.
Качырына камчы уруп,
Мурдунан буусу буркурап,
Тиштегенде кашка тиш
Оздон ыргып чыркырап,
Бир Опол-Тоодой айзасы
Өрттөнгүрдүн, капырдын
Кыйын экен айласы.
Көк темир күзгү курчанып,
Алтымыш батман чоюнбаш
Ачуусу менен ал капыр
Боз сеңир тоону бир салып,
Чокморунан чок чыгып,
Тоону салса от чыгып,
Ааламды бузуп токтотту.
Төгөрөктү күтүптүр,
Кызыталак кара жер
Калыңынан түтүптүр.
Эр Семетей баатырды
Боз качырын бир салып,
Жаадай качыр ат минип,
Жалаң болот найза алып,
Кайра жаачу булуттай,
Каар бетине айланып,
Дидары күдөк, зaaры күч
Капырды көрсөң күдөр үз
Менде назарын салабы.
Бейли тардын колунан
Беттешкен аман калабы?
Желиккен экен Каман алп
Жер силкинтип тоо көчүп
Кайраттанса капырдын
Калайык карап тургусуз
Ачууланган кытайга
Адам айла кылгысыз,
Эңкейтип менде алгысыз,
Бет алган жагы кызыл өрт,
Менде чыдап баргысыз,
Балбандыгы башкача
Мындан бет алган тирүү калгысыз,
Жай-жарагын шайланып,
Тоодой токмок байланып.
Бет алганды айзалап,
Белгилүүсү буруттун
Семетейи кайдалап.
Бакырыгы баш жарып,
Баатыр экен Каман алп
Айкырыгы таш жарып,
Семетейге жетерде
Беделине капырдын
Менде чыдап келе албайт,
Ал Каман алп жетти эле,
Жеткен жерден Семетей
Жетип сайып өтөрдө,
Ошондо көңүлгө батпайт көп санаа,
Көкжал экен Күлчоро
Көзүнүн жашы миң талаа:
Кара кылган баанайым
Абама кытай жетер – деп,
Алек кылып кетер – деп,
Жаны калбай Күлчоро
Айгайды арбын салууга,
Абакеси көкжалды
А кытайдын камоодон
Ажыратып алууга,
Түйшүктү түптүз салууга,
Түгөнүшүп кытайдан
Ажыратып алууга.
Жеткилең балбан Күлчоро
Айзакерден абыдан
Ыктуулугу дагы чын.
Ааламды буй кылар
Мыктуулуугу дагы чын.
Берен тууган Күлчоро –
Мендеден бөлөк шер чоро.
Шамдагайы болжолсуз,
Аябаган шер чоро,
Кайнап жаткан кытайга

www.bizdin.kg



Эр Күлчоро жетти эле,
Беттегенин кыйратып,
Кыргын кылып өттү эле.
Мубакүлдүү* сыр найза
Бура кармап колуна,
Уңгусу болот, учу курч
Учуна салган кара курч.
Тутам жерин кырдаган.
Колдон тайып кетет деп,
Тутам жерин сырдаган.
Камчы тийсе каң эткен
Жоону көздөй суңганда
Чычаладай жарк эткен,
Башын курчтан тундурган,
Жоого ылайык камдаган.
Беттеп бекем сайганда
Сынып кетпей сыйпалгыр,
Түпкүч болуп ийилип,
Болоттугу билинген,
Болжолу жок сыр найза
Бура кармап Күлчоро
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде Каманды
Жетик көкжал Күлчоро
Качырынын үстүнөн
Көмө коюп өттү эле.
Манжуу каны Эзкара,
Тыргоот каны Ороңгу,
Балбандары, шерлери
Баары каптап жеткенче,
Арачалап кеткенче
Ак марал айдап уй кылган,
Ачуусуна тийгенде
Ай-ааламды буй кылган.
Көк марал айдап уй кылган,
Көздөгөн жайын буй кылган.
Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Туланддуу жерди тутанткан.
Ташты бузуп жол кылган.
Далай жерди кор кылган,
Ичсе канга тойбогон,
Беттеген жерин койбогон.
Бекзааданын дал өзү,
Берен канкор Семетей
Атасы Манас айкөлдөн
Артыкка калган Зулпукор
Ала коюп көкжалың
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде Камандын
Башын кесип алды эле,
Кызыр чалган кургуруң
Кыргын кылып салды эле.
Эрен Манас кабылан
Белекке келген жети туу –
Жети тууну орнотуп,
Жеткен жерин сойлотуп.
Беренден калган алты туу –
Алты тууну орнотуп,
Беренинди адеген жерден сойлотуп,
Кызыкты Семең салды эле,
Опол-Тоодой Каман алп
Ошондо жетип Семетей
Башын кесип алды эле.
Ишенгени Каман алп
Тындым кылып салды эле.
Көргөндө болбойт көп арман,
Көкжалдарың барында
Калчага салды чоң жаңжал.
Боз сеңир тоодой Коңурбай
Болбой ичи бек күйүп,
Өзү каарланды доңуз ай,
Алгаранын оозун
Буруп турду Коңурбай,
Аркасында алачыктай айдар чач*
Жулуп турду Коңурбай:
Каман өлбөй, калкым өл,
Жолум өлбөй, жонуң өл,
Карагул өлбөй, калкым өл,

www.bizdin.kg



Какандан дөө үчөө өлүп,
Кан Коңурдун күчү өлүп,
Карамдын баары бүт өлүп,
Бел байлаган бел өлүп,
Бекип жаткан шер өлүп,
Казылган калың ор өлүп,
Караан кылып отурган
Кайгылыга чыккан үчөө өлүп.
Мындай Кудай урарбы,
Кызыталак куу бурут,
Мынча шылдың кыларбы?
Өзөн бойлой кондук, ээ,
Керектүү эрден айрылып,
Өрт өчкөндөй болдук, ээ!
Адырмак бойлой кондук, ээ,
Айтышкан эрден айрылып,
Тоо көчкөндөй болдук, ээ.
Кыргызга келип кайгырып,
Кыйындардан айрылып,
Кырылбай кантип кетебиз,
Тирүү туруп жөн эле
Не муразга жетебиз.
Буйда жолду чалдырып,
Какандан чыккан үч дөөнү
Бул буруткa алдырып,
Не муразга жетели?
Кыярган сакал карыбыз
Кырк күн тынбай сайышып,
Кырылалы баарыбыз!
Манжуу камбыл калдай бар.
Ушунчалык жандарга,
Бээжиндеги Эсенкан
Бек мыктуу мынча кандарга
Улуу-кичүү теңдерге,
Ушунчалык элдерге,
Жайнап жаткан жандарга,
Таш сайынган кандарга
Алышып алптар өлдү деп,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран балбан көрдү деп,
Кайгырып кантип тартабыз!
Алптар кана дегенде,
Чынмачындын канына,
Чын улуктун баарына,
Таш сайынган эриңе,
Каканчылуу Бээжинге
Кандай деп жооп айтабыз?
Уялалы карыбыз,
Урушту чындап каптатып,
Кырылалы баарыбыз.
Үчөөң кетпей, алпың өл,
Кыргын болуп кытай журт,
Кырылышып жалпың өл!
Бел байлаган белиң өл,
Бекиген эчен жериң өл!» –
Деп, өшөнтүп, Коңурбай:
Бул үч алптын айынан
Кыргызга кызык салбасам,
Алты ай тынбай урушуп,
Үчөөнүн кегин албасам,
Бүткүл кытай, сан балбан
Бириңди койбой кырбасам,
Туулбай тунар чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!»
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Каптап кытай каның өл
Бул үч алптын артынан
Балдарым, баарың өл
Бирөөң куру тартпагын,
Өлүштү сүйгөн буруттан
Өлбөй бирөөң кайтпагын.
Күрмө кийген күчтүүң өл,
Таш сайынган тазаң өл,
Карапчы* кийген каның* өл,
Бул үчөөнүн артынан
Калбай балбан баарың өл!
Асманга учсун топурак,
Аскер кырыл топурап.

www.bizdin.kg



Билген чырым бурутка
Кылбай кантип кетейин,
Калдайларың, луң-туңуң
Калтырбастан баарыңды
Кырбай кантип кетейин!
Кармашка келип кайрылып,
Карагулдан айрылып,
Бил барак басып, кек алып,
Кара кылып отурган
Жору куйрук Жоон алп,
Кайчы кулак Каман алп,
Бул экөөнү жеп алып,
Опол-Тоодой чоң кара ат –
Мунусу мүшкүл чоң санат.
Тартып оозун бурамын,
Кайрандардан айрылып,
Кантип тирүү турамын?
Кабырга сөөгүм сөгүлдү,
Көңүлүм жаман бөлүндү,
Кыраандардан айрылып
Менин касташканым куу бурут
Кан Коңурбай бегиңер
Каканга кантип кайрылды,
Кыйланы көргөн карыңар
Айлап-жылдап урушуп
Атаңдын көрү, буруттан
Кырылгыла баарыңар!
Күйдүм-жандым, чок болдум,
Өларман ушул буруттан
Өч албай кантип токтолдум!
Кытайдан үч алп өлдү,
Үч алп эмес, калайык,
Кырылып кытай жалпы өлдү,
Каман алп баштап дөө өлдү,
Чоң-Бээжинге ээ өлдү.
Үч алп жайын сураба,
Аталары чоң улук,
Бээжинден келген тоорулуп,
Каңкүрлөрдүн каны эле,
Кайран балбан ал эле,
Аталары чоң улук.
Белсенип чыгып беренге
Бээжинден келген тоорулуп,
Торулга чыгар эр өлүп,
Тутулуп калган күн беле
Менин балбандарым тең өлүп».
Деп, өшөнтүп Коңурбай
Каарын катуу баштады,
Кайнаган кытай, манжуусун
Кан Коңурбай күркүрөп,
Кырып ийе таштады.
Манжуусунун баарысы,
Эр Эзкара карысы,
Кыргын тийген эмедей
Эстен танды баарысы.
Бээжиндеги эрлери,
Адамдан бөлөк шерлери,
Күлөлдүн Калча бакырды,
Кылча калбай бир жаның
Кыргын болуп кеткин деп,
Манжуунун баарын сапырды.
Коңурбай үнүн укканда,
Чаңы чаңга урунуп,
Чаң асманга бурулуп,
Союп салды эрди деп,
Сындырды бурут белди деп,
Кырат бурут элди деп,
Бу Күлчоро жоголбойт.
Күлчоро жок болбосо,
Кытайдын иши оңолбойт.
Кыргыз союп эримди,
Сындырды белем белимди!
Өрт өчкөндөй кылды го,
Суутту менин демимди,
Куйкаланган куу бурут
Чыгарды белем желимди!
Кармаш кылган алпым ук,
Кара кытай, көп манжуу

www.bizdin.kg



Караң күн, мындай жалпың ук!
Айзага даңгыл* ыктууң ук,
Ар зыйкырчы мыктың ук!
Күндөп-түндөп кырышты
Күчөп журтум, салгыла,
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Ала канчык шыбыргак,
Жададан* дуба салгыла
Жайдын күнүн кыш кылып,
Жайлоо белин муз кылып,
Кызыталак бурутту
Амал менен алгыла.
Калдайларың, шерлериң
Калбай согуш салгыла».
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Манжуу каны Эзкара,
Тыргоот каны Оронгу,
Кулагы угуп, көз көргөн
Жаралган менде ичинде
Жадачы* мындай болобу?
Калың кытай мыктуусу
Кан Коңурбай башы бар,
Бул экөөнүн колунда
Жыландан жай ташы бар.
Экөөн Кудай урду эле,
Күндү жайлап турду эле,
Жыландан алган жай ташты*
Бир көнөктөй кара суу
Тиер-тийбес кылды эле.
Карыкандын жай ташын,
Окчонтойго* урду эле,
Кышкы булут, жай булут
Аралаша чакырып,
Бул экөөн катар торгоду
Оронгу менен Эзкара
Бул экөө катар оңбоду,
Экөө жайлап турду эле,
Калмагынча калдырап,
Кытайынча балдырап,
Чапчып алып топону
Туш-туш жакты урду эле,
Күндү жайлап турду эле,
Жер бузулуп кыбырлап,
Асмандан булут тыбырлап,
Колотко туман жабылып,
Тоо-тоого булут жабылып,
Өзөндөн шамал табылып,
Чөп силкинип шыбырлап,
Асмандан алты сай мөндүр
шыбыргак,
Чөп азайып суюлуп,
Асмандан сегиз сай мөндүр куюлуп,
Тоодон урап таш көчүп,
Дөөбөчөр эрип, маш кечип,
Кудай бетин көргөзбө,
Жайдын күн туура кыш болуп,
Эл жайлаган жайлоого
Укурук бою муз болуп,
Арыктын баарын жыгындап,
Аңгектин баарын тыгындап,
Жер суюлуп чуркурап,
Колот-колот жер менен
Дарыя жүрүп дыркырап,
Тескейдеги жыгачтын
Тамыры чыгып сороюп,
Аты менен калың кол
Тегиз кыйрап тороюп,
Төө, качырдын баарысы
Кыргын болуп сороюп,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Жаканын баары жамгырлап,
Жай табалбай калың журт
Жаман өлдү балдырлап,
Күнү-түнү сегиз күн
Күн токтолбой суу толду,
Журт кырылып чуу болду,
Жылкы малдын баарысы
Жылгага качып суюлуп,

www.bizdin.kg



Жылас уй, кой, төөлөрүң
Ичи көөп кырылып,
Айлалуу эчен кан өлүп,
Адашкан журттун баары өлүп
Акылынан шашыптыр,
Жылкыда тулпар ала баш,
Аргын, кыргыз аралаш
Таласты көздөй качыптыр.
Эрен өлүп, кан өлүп,
Эчен мынча жан өлүп,
Эрендин баары жыйылып,
Эсердин баары кырылып,
Баатырдын баары жыйылып,
Алсыздын баары кырылып,
Кыргызды кытай сүрүптүр,
Аргын, кыргыз аралаш
Таласка айдап кириптир.
Далайларын талаптыр,
Эрендерин, кандарын
Эр Коңурбай камаптыр,
Кара курттай калк экен,
Казат кылып калк качса
Камай бермек салт экен.
Түбүнөн бери кытайдын
Түгөнгүрдүн анты экен,
Жээк тартып кылкылдап,
Жеп ийчүүдөй көп кытай
Жекелеп кирди былкылдап,
Жамгыр кылып жаа тартты,
Мөндүр кылып ок атты.
Асманга учту топурак,
Аскер камап топурап,
Сурунай тартып дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Кыргызды кытай каптады,
Кармаганы көп кытай
Өлтүрүп жерге таптады.
Кыргынды кызык баштады,
Кара курттай каканчы
Калтырбастан бир жанды
Кырып кете таштады.
Караса көзгө илинбейт,
Камгак учкан эмедей
Кайсы экени билинбейт.
Качкан жан түшчү орун көр,
Жан куткарбас колун көр.
Байлаган аркан торун көр,
Кашкулак көрсө кармап жеп,
Адам көрсө андан жеп,
Каптап жаткан колун көр,
Көгөрдү кытай кырууга
Ааламга жеткис колу бар?
Кол баштаган Коңурбай
Ааламды билгис зору бар.
Бу керишке жакын туулган,
Алөөкөнүн эр Калча
Ааламга салат чуулган.
Таласты камап барды эле,
Тегеректеп Таласты
Оңбогон кытай, көп манжуу
Он эки курчап алды эле,
Кыжылдап кытай жетти эле,
Кырк эки курчап кетти эле.
Камап кирип Таласты
Кумурскадай кыжылдап,
Курчап кытай быжылдап.
Камышты көр, селди көр,
Ошол селдей кытай элди көр,
Каптап калган элди көр.
Кумурсканы көр, куртту көр,
Ошо курттай кытай журтту көр.
Жер үстүндө чөптү көр,
Ошо чөпчөлүк кытай көптү көр,
Мунун берени кытай кан аты,
Урушкан жанды уйпалап,
Түк калтырбай баарысын
Түгү менен сыйпаган,
Түгөнгөн кытай адаты.

www.bizdin.kg



Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Бу кытайдын калкы бар.
Качантан бери ушинткен,
Мунун кылымдан бери салты бар.
Көк темирдей куралып,
Чаң асманда чубалып,
Алөөкөнүн Коңурбай
Камап кирип бурутту,
Алдык ко деп кубанып,
Камап түштү Коңурбай.
Таласты камап калды эле,
Сураса бербес күлүккө
Суук укурук салды эле.
Жан кыркылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Камап жатып калды эле.
А Таласка бой бербей,
Таласка душман киргизбей,
Кабарында бар беле,
Кабылан Манас көкжалга
Биттейинде бириккен.
Кенедей кезде кезиккен,
Бармактайда баш кошкон,
Эрдигинен оолуккан,
Жана Манас көкжалга
Жаш экенде жолуккан.
Эри Манас көкжалды
Ээрчитип жүрүп эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган,
Бармактайда баш кошуп,
Башка тууган болушкан.
Жоону бирге жоолашып,
Доону бирге доолашкан,
Чалгынды бирге чалышып.
Чампандан жылкы алышкан,
Куугунду бирге куушкан,
Султан Манас көкжалды
Ээрчитип жүрүп эр кылган,
Ээр уулу менен тең кылган,
Билбегенди билдирген,
Билгич Бакай карыя,
Туйбаганды туйгузган
Туйгун Бакай олуя.
Сандыргалуу Манасты
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган
Сандыргалуу кан кылган,
Атасынын сырдашы,
Асыл Бакай курдашы,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк ала калкан ойногон.
Башын бармак мөмөгө,
Аягын сан алтынга жөлөгөн.
Астыга салса ак жолтой,
Айдап жүрсө сан колдой,
Көкжал Бакай карыя,
Көптү көргөн олуя,
Олуяттын эрени,
Ойрон Манас берени,
Кыргын салбай кытайга
Кыйыны Бакай эр өлбөй,
Кыйын Бакай өлбөсө,
Кыргыздын кылын береби!
Калдайдын уулу капырды,
Кан Коңурбай баатырга
Кармаш кылбай кан Бакай
Өкүмүнө көнөбү!
Өлүп-житип жок болбой,
Аргынды Бакай береби!
Кече, кадимки болот Зулпукор*
Болушкан Бакай эмеспи,
Ай-ааламды буй кылып,
Кыргын салып кытайга
Жөөлөшкөн Бакай эмеспи!
Ок өтпөгөн көк олпок
Кийишкен Бакай эмеспи.
Кытайлардын Коңурбай

www.bizdin.kg



Азар Түмөн Калчага
Тийишкен Бакай эмеспи.
Бөтөн элдин алдында
Бөрү Бакай кабылан,
Кара-Шаар, Камбылды
Камаган Бакай эмеспи,
Карсылдатып кандарын
Сабаган Бакай эмеспи!
Чынмачынга Бээжинге
Барган Бакай эмеспи,
Бузук баштап, чоң чырды
Салган Бакай эмеспи.
Канча жер кирип кат алган,
Бу да кан ичме Бакай атанган.
Он эки бирге* кол берип
Ойрон Бакай абаңыз
Зайыпбуруш* атанган
Эр экени Бакайдын
Эзелден бери билинген.
Бээжиндеги зор кандын
Даңзасына чийилген.
Тилге чечен Бакайдын
Мыктуу экени дагы чын.
Айла тапкыч акылман,
Качан болсо кыргызды
Куткарган кытай капырдан.
Көк олпоктой тон кийип,
Көкчолок тулпар ат минип,
Түпөгү жок айза алып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кандарынан кат алып,
Карганда Бакай абаңыз
Каарланып аттанып.
Сакалы куудай агында,
Сапары чукул барында,
Ажал жетсе өлөм деп,
Кыргыз, аргын журтумду
Кыйрап кетпей типтирүү
Кыйрымы кантип көрөм деп.
Кыргын болбой ушу жерден
Кыргызды кантип берем деп
Кымбат Бакай карыя
Кылымды билген олуя,
Баатырдыгы башкача
Бардыгы экен жөн тапкыч
Астыга салсаң ак жолтой,
Айдап жүрсө сан колдой.
Айзасы болот, көөнү түз,
Баатыр Бакай шериңиз.
Кузгундай көзү кызарган,
Эрдиги эпсиз узарган.
Көкала чопкут тон кийип,
Көрсөң Бакай абаңыз
Ажал жетсе өлөм деп,
Алөөкө кандын Коңурбай
Чамам келсе кул менен
Бир чапчышып көрөм деп,
Көк болот айза колго алып,
Кылболотун байланып,
Жоого ылайык зор Бакай
Карыганда кан абам
Каптап келген капырды,
Кан Коңурбай баатырды,
Чапчылашып көрөм деп,
Кайнап жаткан Коңурбай
Кармалашып көрөм деп,
Сан колдой Бакай аттанып,
Салышка чыгып эрендер
Көк күлүк оозун бурду эле,
Көз жетпеген кытайды
Көрүнө карап турду эле.
Таласты камап бет алып,
Такыр каптап алыптыр.
Касабасы калкылдап,
Кара болот Зулпукор
Жылдыз учуп жаркылдап.
Көк темирдей куралып,
Көбү үзүлбөй чубалып,

www.bizdin.kg



Жээк тартып кылкылдап,
Жергелеп сан кол былкылдап.
Айзанын башы чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Белгилүү Калча бетинде,
Берендери четинде,
Курчап Талас, Кең-Колду
Жайнап чыгып келатат.
Курт экени белгисиз,
Кайнап чыгып келатат,
Колдун алдын Эзкара
Байлап чыгып келатат.
Колдун артын Оронгу
Айдап чыгып келатат,
Кум-Кыянын Жээк-Жол
Кайнап чыгып келатат
Курт экенин билинбей
Жайнап чыгып келатат
Таш-Кыянын жээгинен
Көбү чыгып келатат.
Таластын башы Көтөрмө
Көтөрмө жактан кытайдын
Көбү чыгып келатат.
Куу-Кыяны этектеп,
Айдап чыгып келатат.
Курт экени билинбей,
Кайнап чыгып келатат,
Белгилүү Калча бетинде,
Берендери четинде,
Такыр эри бетинде,
Тартынбаган эрендер
Такыр чыгып четине.
Жоо качтылап чуу туруп,
Добулбасты карс уруп,
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Жер жайнаган көп кытай
Жекеге каптап жабылып,
Баскан жери быркырап,
Аламан деп чуркурап,
Кара жагал балбаны,
Каткаландын Сайкалы
Кажылдаган чочконун
Кайсы кебин айталы,
Доңуз жечү дөөлөрү,
Бейжиндин берен ээлери,
Алышка тойбос балбаны,
Аламан коюп калганы,
Кайлап кытай бакырып,
Какайлап ураан чакырып,
Добулбас үнү таш жарып,
Дүңкүлдөк туура баш жарып,
Керней-сурнай тартылып,
Керишкен элдер чатылып,
Келе жатат Коңурбай
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк арыландай көрүнүп,
Аламан колу жабылып,
Оруп-соруп кетчүдөй
Калыптыр кытай камынып.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Кол алдында Коңурбай
Көк аскар тоодой көрүнүп.
Толкушунан Калчанын
Тоо туруштук бергисиз,
Кармашына Калчанын
Адам чыдап келгисиз.
Кабары кыйын, заары күч
Калчаны көрсөң жөн эле,
Күнөмдүү жандан күдөр үз.
Алтымыш кытай, кырк төрө
А Калчанын жөкөрү,
Кечилден бир миң экөөлөп,
Онжондотуп кара атын
Он эки жайсаң жетелеп.
Көкжал экен Коңурбай,
Алышкан жанды оргудай.
Кыйыктаса бул Калча

www.bizdin.kg



Кырк миң эрди соргудай.
Таамай кирген жерине
Таш туруштук бергисиз.
Беттеп айза сунганда,
Менде чыдап келгисиз.
Оозундагы көк жалын
Кол ыштыктай буркурап,
Алты миң кытай, сан манжуу
Коң төрөнүн артынан
Барабан уруп чуркурап,
Каарды Калча баштады,
Козголуп келген калың кол
Жандан кечип таштады.
Ай караңгы түн болуп,
Азаптуу мүшкүл күн болуп,
Казылган калың ор болуп,
Каптап кытай мол болуп,
Кайнатылуу шор болуп,
Калган экен көп кытай
Какандын журту козголуп,
Каарлуу Калча канаты,
Качан болсо адамды
Каптап кетмей адаты.
Чапчышып чама келбеген,
Чабышып адам жеңбеген.
Чалкып жаткан кытайга
Чалыяр чаркы жетпеген.
Эч ким чыдап барбаган,
Бет алган тирүү калбаган,
Мендеден бөлөк эл экен,
Бейпайлуу Бээжин жер экен.
Айта берсе сөз жетпес,
Кара курттай калкы бар.
Катылганды соо койбой,
Канын ичмей салты бар.
Алышып адам жетпеген,
Арысланы Калча каркыбар.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Кол алдында Коң төрөм
Опол-Тоодой көрүнүп,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Түпкүлүү кытай эл экен,
Көргөн менен билгенге
Какандыктын шери экен,
Каны буйрук кылганда
Каптаганы эп экен.
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түптүү кытай калкы экен
Түгөнчү жоого катылса,
Каптап кетмей салты экен,
Чынмачындын эли экен,
Чындашканды буй кылып,
Кылымга кыргын салары
Кысталактын эби экен.
Муну менен Бээжинди
Эч ким чыдап алалбай,
Эсен калып бүлүктөн
Эсенкан эли дээр экен.
Калдайлары, шибээси
Камап келип турду эле
Шуру отогот, маржан таш*,
Бул кыргындын ичинде
Луңтундун каны аралаш.
Жаадачуу бар, балбан бар,
Ай-ааламды буй кылып,
Кыргыз турмак кылымды
Кызыкты жалгыз алчу бар.
Желдети милек, алпы бар,
Чапчышса канга тойбогон
Ушундай балбан каркыбар.
Калдайы бар, эри бар,
А калдайдын ичинде
Канкор Калча шери бар,
Тутанып өлгөн чочконун
Туура айтсаң нече кеби бар,
Кынжылалуу балбаны
Кынжысын чечип бош кылып,

www.bizdin.kg



Кыргызды каптап кеткин деп,
Кысталак Калча айдады.
Албан түрдүү кол каптап,
Аз гана эмес мол каптап,
Аленгир* жаа, сыр жебе
Айтылган дүмөк-аңгеме,
Кырк уруу кытай алпы бар.
Кыйкырып салып кол айдап,
Кымбаты Калча каркыбар
Алгараны булкунтуп,
Ээн калган кара атты
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Кара болот курчундай,
Каалаласаң жаңжал ушундай.
Коңурбай жайы ушундай,
Берендин жайын сурасаң
Берениң журтка дайын кан,
Тоту куштун куйругун
Аз болгондо өрттөнгүр
Токсон түрлөп сайынган,
Белгилүү Калча шери ошол.
Белсене чыккан эри ошол.
Белеси майдан таш кашат
Алгарасын алкынтып,
Көк ала найза колго алып,
Көк албарс кылыч байланып,
Баркын эл-журт көрдү эле,
Бадана кийип балкылдап,
Баягы Калча абаңыз
Жекеге чыгып келди эле.
Чуулгандуу куу кытай
Такоолчулуу сан калдай
Саат баскан Калчанын
Салмактуусу момундай,
Көк найза алып камынып,
Көк күбөсүн жамынып,
Көөхардан топчу муштумдай,
Көк күбөнү жамынып.
Көк арсландай чамынып,
Көрсөң түрүң ушундай.
Желигип Калча чоң төрө
Жекеге чыкты камынып.
Арт жагынан сан калдай
Айзакерлер, эрендер
Баарынын жайы ушундай,
Жоонун айласын билген берендер.
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күчтүүдөн түмөн кан болуп,
Кечилдин каны чочконун
Кароолчусу ал болуп,
Кароолчусу кандары,
Жекеге чыккан балбаны,
Чокмор урчу бекери,
Каптаса түпкө жетери
Алты сан кытай, кырк калдай
Кан Коңурдун жөөкөрү
Казаттын жайы ушундай.
Кара найза, курч болот
Кашаттан чыгып бакырып,
Жоо кайдалап чакырып,
Мөндү-мөндү, мөнду деп,
Адам мөндүлөп ураан чакырып,
Кара курттай кайнаган,
Кармашкан тирүү калбаган,
Кан Манас сурак албаган.
Калың кытай, улуу журт
Көптүгүн көрсөң күдөр үз.
Таш-Кашаттын жээгине
Талашка чыгып Коңурбай,
Жер кашаттуу дөбөгө
Жекеге чыкты Коңурбай.
Көргөн жанды шаштырып,
Булуттай учкан чоң кара ат
Алөөкөнүн Коңурбай
Оң-тетири бастырып.
Байкаса көөдөн бөлүнүп,
Бараны башка Калчанын
Чоң Опол-Тоодой көрүнүп.

www.bizdin.kg



Каарланды бакырып,
Жекеге чык деп чакырып.
Ачуусу келип айкырып,
Алышка чык деп чакырып.
Камап журтту шаштырып,
Куйругу саяң, жалы аз
Кутургуруң Алгара
Ойдолотуп бастырып,
Алгарасы чапчыса
Алдындагы кара жер
Жолум үйдөй* бөлүнүп
Жолу күйгөн Калчанын
Жоо белгиси көрүнүп,
Жекеге чыгып турду эле,
Жер жарылтып, көп кытай
Барабанды урду эле.
Бил териси добулбас –
Көрсөң түрүн оолак кач.
Өзү билдин териси,
Жоондугу үч кулач.
Жаңжалды урат балбаны,
Анча-мынча кулактын
Жөн эле чыгат далдалы.
Добулбас бекем кагылып,
Аркасынан сан калдай
Абаңыз Калча жанына
Такоолго чыкты камынып,
Мына ошондо Коңурбай
Арсыландай көз жайнап,
Жекеге чыкты айгайлап.
Каарланып бакырып,
Эриң кел деп чакырып.
Каарланып күүлөнүп,
Карaанын көрүп Бакайдын
Кан Коңурбай сүйлөнүп:
Деген сөзгө көн бурут,
Чатакташпай, чырдашпай,
Таласың тартуу кыл бурут,
Дегениме көн, бурут.
Казынаң бузуп дилде* алам,
Салымыма билди алам.
Кырмызы көйнөк, айча* бел,
Ушундан тандап миңди алам!
Буурул атты баш кылып,
Буудандан* тандап миңди алам!
А бууданды багууга
Күлчоро, Бакай кулду алам!
Эрдигимди билгизем,
Кызыталак кыйбасым
Эски тонуң кийгизем!
Бу сөзүмө көнбөсөң,
Бул айтканды бербесең,
Бел байлаган белиңди айт!?
Бекип жаткан жериңди айт!?
Кана бурут жообуңду айт?!
Каныңды карып кылбасам,
Калтырбай журтуң кырбасам,
Булаңды булап албасам,
Бузукту чогуу салбасам!
Өзөн суусун бурбасам
Акактатып бурутун,
Сенин айлыңды чогуу кырбасам,
Коңурбай болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн!
Тим жаткан элди тим койбой,
Тийдиңер бурут жиниме.
Бу мен каарланып карардым,
Бурутум, катылбай койбойм бириңе.
Бүгүн кыйратармын мүлкүңдү,
Кыжырыма не тийдиң,
Бурутум, кырып кетем журтуңду.
Оолукмам жаман кармады,
Олжо* кылам малыңды,
Бүгүн ойрондоймун каныңды,
Өзүң тийдиң сен бурут,
Тийип алам бээңди,
Бүгүн байлап алам дөөңдү,
Жакындасаң жайната муштайм
мээңди,

www.bizdin.kg



Бүгүн чыгарамын кээнди.
Төбөңдөн тийген бурутум,
Таш төбөңдөн басайын,
Төрүңө кудук казайын!
Кутуруп калган куу бурут,
Төрөң Манас тирүү эмес,
Төрт түлүгүң чачайын.
Калайман салып минтейин,
Ата, кагышты сүйгөн куу бурут,
Сенин как бокчоңду тинтейин.
Баатырың байлап алайын,
Кутуруп калган куу бурут,
Сенин бардигер жиниң кагайын.
Адам, ушундай деп Коңурбай,
Жер жарылтып, тоо бузуп,
Жекеге чыгып турду эле.
Каарлуу Калча баштады,
Коңурбай түрүн көргөндө
Калың алгыр ал кыргыз
Жазабыз жакын жетти деп,
Жандан кечип таштады,
Ошондо Олуят уулу эр Бакай
Ажалым жетсе өлөм деп,
Артынып кетсин Бээжинге
Айбаты катуу Калчага
Барып жооп берем деп,
Былкылдак куурай бышканча,
Мыйзамдын күлү учкуча,
Мыктап алты ай салышып,
Каза жетсе окко учуп,
Кармашып жатып топ бузуп,
Картайса да мен Бакай
Замандан чыккан бөрү эдим.
Талыкпастан мен Бакай
Тайлак басып жээр эдим.
Калдай каны капырга
Кан Коңурбай баатырга
Канкор* Бакай деди эле.
Картайганда күчүмө
Кармашты катуу салайын.
Бу тутанып өлгөн Коңурбай
Муну менен жөн эле
Бир түгөнүшүп калайын,
Астымдагы Көкчолок
Жал-куйруктан айрылып,
Быйыл Көкчолок атка конду эле,
Жаманатты болду эле.
Жыл эсептеп алганда
Ата, жылма калган союлгур
Алтымыш асый болду эле,
Быйыл картаң тулпар минейин,
Кас эрлик тонду киейин,
Быйыл карылык күчкө салайын,
Кан Коңурбай баатырдан
Жекеге чыгып салышып,
Мен капкайда кегим алайын.
Дагдыр жетсе өлөйүн,
Кайра тартпас чын жайды
Бура тартпай көрөйүн»
Абакең Бакай карыя,
Картайса да кан абаң
Сегиз миң жандык алы бар.
Серпишке балбан олуя,
Көк тулпары баспаган
Жерде бүтүн калбаган,
Көк жал Бакай чаппаган
Эл да бүтүн калбаган.
Белгилүү Бакай абаңдын,
Бет алганды мерт кылган,
Берен Бакай карыя
Туура кыргын согушта
Туу кармаган олуя,
Башындагы бадана*
Бар болжолу ок өтпөс.
Муну кимдер ыргап кийбеген,
Дөөлөтү башта барында
Ким күркүрөп жүрбөгөн,
Бакай канды көргөндө

www.bizdin.kg



Какандын каны дүрбөгөн.
Айкөл* Манас барында
Ажыбай, Бакай эки кан,
Берен да ошол, бел да ошол
Бек көкжалдын өзүнө
Медер болгон шер да ошол.
Белгилүү Манас кырааны
Бет алышып жоо менен
Көргөн Бакай бу дагы,
Себил* тону сексен төрт
Серпишке камбыл Бакайдын
Серпишкен жагы күйгөн өрт.
Эң акылман даанышман,
Абасы Бакай карыя,
Азапты көрөт алыстан.
Ак сакалын жайкаган,
Азап менен тозокту,
Келер менен кетерди
Алтай мурда байкаган.
Бек кылдаткер, чоң билгич
Берен Бакай абаңыз.
Көк ала найза колго алган,
Көпкөк темир кийинген,
Туюкту бузуп, жол салган,
Туура миңден жоо чыкса,
Туйгун Бакай карыя
Өлөм дебей кол салган.
Куу ылаачын теппеген,
Кууда бүтүн калбаган.
Курдашым Манас барында,
Курган Бакай тийбеген
Журтта бүтүн калбаган,
Кармашпаган жери жок,
Кагышпаган эли жок.
Бүгүн көргөн эртең жок
Үзгүлтүк тартып өксүтүп,
Ушундай болгон дүйнө бок.
Абаң Бакай карыя –
Ааламды бузган олуя.
Кагышып жүрүп катыккан,
Бет алган жоосун каратып,
Берендиги белгилүү,
Зайыпбуруш атыккан.
Эчен жерге жол салган,
Эчен жерден олжо алган.
Индия чаап бир алып,
Олжого күлүк билди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Кара көздөн миңди алып,
Бет каратып бир кайткан.
Бээжин көздөй кол салып,
Сулайман тийбес зорду алып,
Какандыкамап унду алып,
Кызыл көйнөк айча бел,
Кыпылдаган сулуудан
Олжого тейтей* кызды алып,
Жылаажын тагып жорго алып.
Чылка мыктуу ордо* алып,
Ар жерге чыккан атагы
Ада айкөл Манас чатагы.
Анчалык көргөн карыя,
Алөөкөнүн Коңурбай
Алыш кылбай жатабы,
Белсенип таштап мен Бакай
Белди бекем бууйм деп,
Беттешсем алты ай салышып,
Берениm Манас көкжалдын
Быйыл кунун кууюн деп,
Алып салсам каканды
Союп салсам Калчаны
Бээжинден олжо билди алып,
Ар куйругун өрөйүн,
Арбын жиндүү Коңурбай
Келген экен атайы
Бир беттешип көрөйүн.
Калдайга кагыш салайын,
Кары кектүү Калчадан
Качанкы бугум алайын.

www.bizdin.kg



Белгилүү эле Коңурбай,
Бу бели катуу эренге
Бир беттешип калайын.
Таң кашкайып атканда
Асмандагы тараза
Жылдыз батканда
Таңдын арты килтейип,
Таң шоокумдап бүлтөйүп,
Асмандан жылдыз зирилдеп,
Кыбыла көздөй бириндеп,
Төбөдөн жылдыз бөлүнүп.
Чар тарапка төгүлүп.
Таң атардын муздак жели зыркырап,
Жана балапан торгой чуркурап.
Камыштын башы зыркырап,
Жер жарылып көрүнүп,
Жетигиң Бакай карыя
Эми жекеге чыкты бөлүнүп.
Өзү көргөн жол менен,
Бел байлаган бел менен,
Бет алышып сайышкан
Белгилүү Калча эр менен
Бир беттешип калууга
Калдайдын уулу капырдан,
Кан Коңурбай баатырдан,
Кан төгүшүп, баш кесип,
Качанкы кегин алууга
Кайратын мындай караңыз,
Кабылан Бакай абаңыз
Мунун чыңдашары Эзкара
Чыңолу кызыл темирдей,
Мунун кармашары Коңурбай
Зорлугу тоонун теңиндей.
Жараткан* жалгай көргүн деп,
Бу кан Манастын жөөкөрү
Кагыштан өлдү дедирбей,
Кантип кетер экен деп,
Аргын кызыл жуукуру
Бая кайран долу Каныкей
Бу картайганда абамдын
Чамасы кандай болор деп,
Бу да кейип ыйлап чыркырап,
Бу дан Бакай чыкса жекеге
Каран кылган калк ыйлап,
Бу камап кытай келген соң
Кайран жандан түңүлүп,
Кайгырып эл-журт жалпы ыйлап,
Кайгыргандын баарысы
Өз камдарын жеп ыйлап.
Асмандан Алданын* күнү бүркөлүп,
Ар адамдын башына
Алтымыш мүшкүл иш келип.
Жеңип салып кытайды,
Мекен кылып Таласты
Орчун журт ушул дедиртип,
Ордо болор бекенбиз.
Таласым талаш жер эле,
Алдырып салып кытайга
Ай жараткан кантели,
Олжо болор бекенбиз?
Маанилешип бир жүрсөк
Башка келбес заман го,
Баарыга кулпу эр эле,
«Ушу Бакай кан менен Семетей,
Ушу Күлчоро менен Канчоро
Арслан тууган шер эле.
Ушу төртөөн Алдам аман кыл,
Бу Калчаны Кудай асты кыл,
Канкорду каалап үстү кыл» –
Деп, өшөнтүп калың эл
Дуба* кылып буркурап,
Алакан жайып чуркурап.
Мына ошондо Бакай кан,
Серпишке кирсе балдардын
Сыягы кандай болор деп,
Эңкейиште чөп эле,
Кытайдын журту көп эле.
Өөдөнүн чөбү бас эле,

www.bizdin.kg



Кыргыздын калкы аз эле.
Бир беттешип көрмөккө,
Сайдырып өлүп жоголуп,
Жан кеткенде кыргызды
Кырк кандын эли кытайга,
Күүлөнүп келген капырга*,
Күчтүүсү Калча баатырга
Андан кийин берүүгө.
Ойлоп Бакай чочунуп,
Көк чолокту токунуп,
Аргын чуулап бүлөнүп.
Абакең Бакай курган эр
Аздыгына күйүнүп.
Ок өтпөстү кийинип,
Бая билимдүү катын Каныкей
Кыргын болуп турушса,
Күнү-түнү тынч албай
Кырылышып урушса,
Бити биттеп кетер деп,
Билбей койсом бекер деп,
Өөрү кийми, жоо кийми,
Жаргак кийми, чаң кийми,
Ойлобой жеңең калбаган.
Он эки көйнөк, он дамбал
Берен энең шуркуя
Бейбак өзү камдаган.
Эр баш сайын кийгизген
Он эки көйнөк, он дамбал
Кытайга салса чоң жаңжал,
Кырышта болбойт эч арман.
Башындагы чараны
Башка балта тийбеске
Балакет жайы ушундай
Жалаң курчтон чоктолуу
Баалары кыраандын
Бирөө миң арга токтолуу
Кажылдашкан жоо келсе
Башка баса кийсин деп.
Айкаштырып бүчүсүн
Алкымына түйсүн деп,
Аттана чыгып кол салса,
Кажыбай жоого кирсин деп,
Кармаш кылса ок өтпөй
Кагышты катуу салсын деп,
Токмоктошуп урушуп,
Толук кегин алсын деп,
Акыл кылбай калбаган.
Ата, кайран катын Каныкей
Момундай атыштын тонун камдаган.
Бээжинге кытай келерин,
Берениң билип беги бак
Бек кылып тонду камдаган.
Бу байкуш энең өзү бил,
Баш ачык акыл калбаган.
Кыргыз менен аргынга
Сары жаргак шым кылган,
Бу салышка кирчү адамды
Ок жаңылып кетпеске,
Бөөдө ажалы жетпеске
Жоо кийимин тың кылган.
Ар бир тондун баарына
Арыптап окту сологон.
Энекеңдин казына
Бүткүл элге тең камдап,
Арбынырак корогон.
Берен энең Каныкей
Кыргыз менен аргынга
Берендигин билгизип,
Кадырлуу журттун баарына
Ок өтпөс тонду кийгизип.
Дагдыр жетсе өлсүн деп,
Кармаш кылып кагышып,
Кайнаган кытай душманга
Кагышты катуу салсын деп,
Казасы жетип өлгөндөр
Армансыз болуп калсын деп.
Тегиз жолду кандыга
Мунун бекемдиги бир далай

www.bizdin.kg



Берендерге кийгизип,
Адырда жылкы алабаш
Ичинде аргымак*, тулпар* аралаш
Тулпардан тандап мингизип,
Бу белгилүү катын Каныкей
Беттешип уруш кылгандар
Берен Бакайга жолдош болсун деп,
Бейбак энең камдаган.
Шамдагайы болжолсуз,
Ушу тондун баарысын
Эр баш сайын шайлаган.
Кичи казат болор деп,
Таласаң элдин далайын
Кан Коңурбай сорор деп.
Ойлобой акыл калбаган,
Бекем кылып тон жасап,
Берен энең шайлаган.
Аргын кыргыз баарына
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Ок жетпес атты мингизип,
Журт чуркурап чамынып,
Ажал жетсе өлүүгө,
Ак жолтой Бакай көкжалга.
Караан болуп берүүгө
Каалап журттар аттанып,
Жекеге чыгып калды эле.
Канчоро менен Күлчоро
Калың кыргыз, көп аргын
Калк чогулуп, чуу туруп,
Такол болуп калды эле.
Карган Бакай абаңыз
Кайраты мынча караңыз,
Коңурбайдан чочунуп,
Көк чолокту токунуп,
Кынсыз кылыч байланып,
Жоо-жарагын шайланып,
Карыганда кан Бакай
Кытайга кыргын салууга
Алөөкөнүн Коңурбай
Алы жетсе Калчага
Бир беттешип калууга,
А көк чолок тулпардын
Алдыңкы кашы ак алтын,
Арткы кашы чылк күмүш,
Эки каптал эң темир
Эңишке кылган Акканкы* ээр
Көк чолокко токулуп
Чап олоңун бек тартып,
Куюшканын узартып,
Бадананы кийгизип,
Алтымыш асый тулпарга
Бакай эрди мингизип,
Калдайдын уулу капырга
Кан Коңурбай баатырга
Жекеге чыгып жээлигип,
Астындагы Көк чолок
Аттанганы Коңурбай
Омбулдатып түйүлтүп,
Оңко аткандай сүйүнтүп,
Маңкаң-маңкаң бастырып,
Дөңкөңдөтүп желдирип,
Айры белес кайкаңга,
Айырмачтай* тайпаңга,
Таш-Кашаттын белине,
Алөөкөнүн Коңурбайга
Талканга чыкчу жерине,
Берен Бакай абаңыз
Беренелип белсенип,
Бери ургандай теңселип,
Оң колунда Бакайдын
Алтын жаак айбалта*,
Сол жагында Бакайдын
Алтын кисе жан калта,
Ташмайдандын кашатка
Талканга чыгып зор Бакай
Көкчолок оозун бурду эле.
Керишке чыксаң келгин деп,
Кечилдин каны Калчага

www.bizdin.kg



Буйругун айтып турду эле.
Бакай шерди көргөндө
Баатыр көкжал Коңурбай,
Байкап туруп кубанып,
Абаң Бакай эр көкжал
Бала каздай баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Көк чологун жылжытып,
Көк ала найза колго алып,
Көпкөк темир кийинип
Жоо дегенде жөн эле
Көкжал Бакай сүйүнүп,
Колдогону бир тогуз
Козголбогон шер Бакай
Жекеге чыга калды эле.
Кары көктү капырлар,
Кан ичүүчү баатырлар
Көп сайышып көрүшкөн.
Көп жаңжалда беттешип,
Кан төгүшүп көнүшкөн.
Мына ошондо Коңурбай
Булуттай учкан чоң Кара ат
Буудан экен абыдан.
Кара болот ооздук
Көмөкөйгө каккылап
Кеп жасаган куйругун
Чаткаякка чапкылап,
Булуттай учуп дыркырап,
Туягы тийген кара жер
Жолум үйдөй быркырап,
Чоң боз үйдөй даңканы,
Төбөсүндө чыркырап.
Кечилдин каны Коңурбай
Калчаны Кудай урду эле,
Камыштан кылган айзасын
Күркүрөтө сунду эле,
Үңгүсү болот, учу курч
Айласы толук Калчаны
Артык Кудай урду эле.
Булуттай учкан чоң Кара ат,
Коңурбай салды чоң санат.
Бакай канга бел байлап.
Чын Коңурбай чочкону
Чымырканып качырды
Толкушуна Калчанын
Тоо туруштук бере албай
Каарына Калчанын
Адам чыдап көрө албай,
Жер айрылып, тоо көчүп,
Жетти Калча Бакайга
Жетип айза салды эле.
Коңурбай айза салганда
Ашпай-шашпай кенебей,
Ал баатырдын айзасын
Бучкагына теңебей.
Өлөм деп кайгы жеген жок,
Кытайыңдын айзасын
Көк союлча көргөн жок.
Карган Бакай абаңыз
Коңурбай менен Бакайдын
Койгулашын караңыз,
Салмагы мынча кааланыз,
Коңурбай менен Бакайдын
Сайышы мындай караңыз
Алөөкөнүн Коңурбай
А дедирбей жетти эле,
Көк кисендин бети деп,
Көк темир тондун чети деп,
Тайып кетсе ар жагы
Так өпкөнүн бети деп,
Таамай айза сайды эле,
Жер силкинип тоо кулап
Көл чайпалып калды эле,
Коңурбайдын Алгара
Жаанамда* мындай болбоду
Коң төрө айза сайганда,
Астындагы Алгара
Так тизеден жерге орноду.

www.bizdin.kg



Кага сайып байлайм деп,
Каканды көздөй айдайм деп,
Капыр кул, сени жайлайм деп,
Кан Коңурбай балбаны
Жадаалды Калча салганда,
Бакай эрди сайганда,
Кагышты катуу баштады,
Көк чолок менен эр Бакай
Кудай өзүң сакта деп.
Кулап кете таштады.
Курган Бакай абаңыз
Баатырлыгы, шердиги
Барча журттан артылган.
Бакай абаң эрдиги
Мына ошондо Бакай эр
Кыргынга салчу Кылболот,
Кыраан Бакай абакең,
Кынынан сууруп алды эле,
Коңурбайдын айзасын
Кыраан Бакай көкжалың
Кыя чаап салды эле,
Коңурбайдын сыр айза
Үч бөлүндү быркырап,
Калың манжуу, көп шибе
Каңкы эмине болду деп
Карап турду чуркурап,
Абаң Бакай көкжалың
Кайраттанып калды эле,
Кара болот туштаган,
Бөрү тил деп уштаган.
Колго жумшак болсун деп,
Кара кылдан тактырган,
Жолу болгон караанды
Жоого ылайык бактырган.
Улап учун чыгарткан,
Тийген жери тим калбай
Кабылдап жатып калсын деп,
Адамдын көз жашы менен сугарткан.
Курчтан кылган сыр айза
Курган Бакай алды эле,
Кыраан Бакай кабылан
Кытайың кайра тартканча,
Алты миң кытай, сан калдай
Манжуусуна кайтканча,
Камбыл Бакай кабылан
Канга тойгон олуя
Жоого ылайык Бакайдын
Ыктылуугу дагы бар
Жетилелек жоо келсе
Желбегей кирип кол салган
Жетик Бакай абаңдын
Мыктуулугу дагы бар
Айзага камбыл эр Бакай
Жылкыдан тулпар Көк чолок
Тартып оозун бурду эле.
Кыргагы темир сыр найза
Күркүрөтө сунду эле,
Астындагы Көк чолок,
Абаң Бакай көкжалың
Булуттай учкан Кара атка
Кокус жетпей калар деп,
Астындагы Көк чолок
Оңдоп-солдоп камчы уруп,
Арқы-терки теминип.
Кармашам деп көз жайнап,
Кан ичмеси чын кайнап,
Картайган Бакай абаң шер
Кагышты салган ошол жер,
Белгилүү Бакай кабылан –
Бет алып менде барбаган,
Менде азарын салбаган,
Берениң аман барында
Укурук кайрар калбаган.
Ушу Бакай абаң шер
Астындагы Көк чолок
Аташкан Бакай эр менен
Биттейинде бириккен,
Кенедейде кезиккен.

www.bizdin.kg



Бармактайда баш кошуп,
Казатка кирсе кан бирге,
Чалгынга минсе чаң бирге.
Алышка кирсе жан бирге.
Адис болгон Көк чолок
Абаң Бакай камчы урса
Желгенине жел жетпей,
Басканына мал жетпей,
Жел кайыктай дыркырап,
Таамай басса кара таш
Талкан болуп баркырап.
Арыштаса жаныбар
Аркардай арыш узартып,
Кулжадай көзүн кызартып.
Ата, талыкпаган Көк чолок
Таман жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Буудан буту сайылып,
Буудандыгы ушундай
Жоого айза сунганда
Жолу каткан Көк чолок
Жөн эле эликтей буту сайылып,
Алты миң кытай, сан калдай
Анча колго жеткизбей,
Аралаша кетти эле.
Эми кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны чочкону
Көк чолок жаңы жетерде
Тобокелдеп зор Бакай
Көк болот айза көтөрдү
Көөхардан* топчу муштумдай
Куйкалаңгыр, кутургур
Көрсөң Калчаң ушундай,
Кебез белбоо курунун
Кең кисеси себилден,
Чылгый болот темирден.
Ал курунун бети деп,
Этеги узун көк күбө
Көптү көргөн Калчанын
Көрсөң тону ушундай*
Ок өтпөгөн бек күбө
Сайса кумар кандырган,
Кармаса колду талдырган,
Айза сайса тешпеген,
Ач болот чапса кеспеген.
Аябаган көк күбө
Көөхардан топчу бети деп
Көсөм болгон эр Бакай
Жүрөктүн дүлөй чети деп,
Кабырганын кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Камбыл болгон эрениң,
Кабылан* Бакай берениң
Алтындаган зор кемер
Моюнуна салынып
Калчаны кагып түшсөм деп,
Кармап канын ичсем деп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Талкан кылып жарсам деп,
Ичиндеги кара кан
Маадеримдин канындай
Суусунга жута салсам деп,
Кечилдин каны Коңурдан
Кетпеген кегим алсам деп.
Кеби мындай шер Бакай
Ылаачындай Бакайдын
Ыктуулугу дагы бар
Калк башкарып, журт күткөн
Кайран Бакай абаңдын
Мыктуулугу дагы бар,
Белгилүү Бакай абаңыз –
Аалам шери абаңыз,
Мыкты экенин караңыз,
Жети сан колдун жанынан
Жетик Бакай кабылан
Жетти Калча көкжалга.
Уңгусу болот, учу курч,

www.bizdin.kg



Муубакүлдү* сыр найза
Бил терисин каптаган,
Жоо кынап баптаган,
Жолу каткан Бөлөкбай
Жанга ылайык сактаган.
Кармаш болсо, чуу болсо,
Калайман дүмөк дуу болсо,
Кан ичсин деп саптаган.
Кара болот курч тарткан,
Комокоюн* кең кылып,
Колойтуп өөдө ачтаган,
Кый сүбөгө малганын
Кыраан Бакай абаңыз
Кыйраган кылып таштаган.
Берен Бакай абаңыз
Айза имерип сунганын,
Калчага каршы кырганын
Камбылдыгын караңыз,
Кайран Бакай абаңыз
Адам менен алышып,
Андиз болгон эрендин
Ыкчылдыгын караңыз.
Калчага айза сунуптур,
Алөөкөнүн эрине,
Ааламды бузган шерине
Жакын барып турганда
Камбыл Бакай абаңыз
Сайышкан жоого сан жолдош
Салмагы тоодой караңыз.
Кайран жанды аябай
Жоону беттеп эр Бакай
Бере көр деп сүйүндү.
Атагы канкор дебесе,
Манасынан шер эле
Ааламдан зор Бакай.
Ашпас-шашпас шер эле,
Ааламдан бул Бакай
Андиз* болгон эр эле.
Деп, ошондо муну айтып,
Эр Коңурбай муну ойлоп,
Карапжы* кийген кандары,
Күрмө кийген күчтүүсү,
Таш сайынган тазасы,
Айзакерден ыктуусу,
Жоого айлалуу мыктуусу
Айзаны Бакай алганда
Алышка бурут кантет деп,
Аң-таң калып калганда
Айза сунуп күркүрөп
Арыслан Бакай жетти эле.
Алөөкө уулу Коңурбай
Алтымыш жайсаң кенжеси
Чоң табылгы жайлаган,
Чоң Кара атын байлаган.
Калдайдын уулу капырга
Кан Коңурбай баатырга
Кайран Бакай жетти эле.
Өлөр жерин өлчөлөп,
Камбыл Бакай кабылан
Калмак ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Чоң күпсөрдүн бети деп,
Көк күбөнүн чети деп,
Өлчөлү ачык жери деп,
Өлчөөн көргөн зор Бакай
Ушу жерге сайсам жедим деп
Жеткилең Бакай жетти эле
Жеткен жерде кыраанын
Кыргагы болот сыр айза
Кылтылдатпай Бакай шер
Муштап келип өттү эле.
Мына ошондо Коңурбай
Каары катуу эр Бакай
Ушундай жорук баштады.
Касаба туудай эр манжу
Чоң Кара аттын үстүнөн
Учуп кете таштады.
Ээрден арты кылтайып,

www.bizdin.kg



Үзөңгүдөн бут тайып,
Эки өңүрү шалпылдап,
Эси кетип Коңурбай
Эли-журту болбосо,
Эңмек болду зор Бакай.
Эми эңкейтип Калчаны
Жеңмек болду зор Бакай.
Бакай айза сайганда
Ок токтоткон чоң күпсөр
Омуроодон бөлүнүп,
Чоң касаба Көк тууга
Бурч-бурчунан сөгүлүп,
Такаганда сыр найза
Сынып кетпей сыйпалгыр
Түпкүч болуп ийилип,
Адис болгон көк чолок
Түндүк бою түйүлүп,
Кагышкан жоого көп минип,
Кандим болгон союлгур
Тулпар болуп аталып,
Сайган жерде Калчага
Салмак салып маталып,
Эңкейтип эми аларда
Кечилдин каны Коңурбай
Узунунан саларда
Кыраан Бакай абаң чал,
Кылымдын баарын бай кылган
Кымбатың абаң мындай жан.
Өлчөө менен эр сайып,
Өлчөө билген кан абам
Өчүрөйтүп Калчаны
Берендигин билдирип,
Тоодой болгон Кара аттын
Ыйык жалына мингизип,
Ырастап алып кирди эле.
Кан Коңурбай калкы бар,
Кара жанга күч келсе
Ар акылды көп ойлоп,
Кутула бермей салты бар.
Колундагы Ач албарс
Ташты салса тартпаган,
Темирден кайра кайтпаган.
Уулап учун чыгарган,
Кындан суурса, кысталак
Өрттөй мизи кызарган.
Чымырканып шилтесе,
Он эки кулач узарган.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.
Каарлуу балбан Коңурбай
Камбылдыгы момундай:
Таза жини кармаса
Ташты талкан кылгандай.
Айласы толук, ыктуу эрен,
Адис болгон мыктуу эрен.
Кысталганда Коңурбай
Кылычты суура калды эле.
Кыйгай шилтеп салды эле,
Кылычтын мизи тийгенде
Сыныктары чыркырап,
Айза кетти быркырап.
Айза кетти жер болуп,
Айза айласын тапкан соң,
Кылымды билген чоң төрө
Ортодон жара чапкан соң,
Алтын жаак ай балта
Ала коюп Бакай эр
Сабын болжоп имерип,
Опол-Тоодой Калчаны
Кош колдоп тартып жиберип,
Оңолуп Калча калгынча
Баабединдеп бакырып,
Баатыр Бакай абакең
Манастап ураан чакырып,
Түп этектен алгынча
Түйшүктү башка салгынча.
Түгөнүшүп эки эрен
Түптүз болуп калгынча.

www.bizdin.kg



Кандуу канга канышып,
Качпай туруп салышып,
Кан коюнга толгуча,
Казаттын жайы ушундай –
Кызыл ала болгунча,
Артындагы такоолу –
Такоол карап турабы,
Эңкейип Калча кеткенде
Болушпай Кудай урабы
Алтымыш төрө, сан калдай*
Аяры* артык бир далай,
Калкы тегиз канаты.
Каны кетсе кылчайып,
Калың манжуу сан колду
Каптап кетмей адаты.
Бакай балта чапканда
Көкжал шери Коңурбай
Айласы кетип берен ай,
Алтындаган тизгинди
Билекке ороп чала албай,
Алтын таман үзөңгү
Ээрге жөлөк эңкейсе,
Чиренип тээп ала албай,
Сокку жеген Коңурбай
Чоңдугу тоодой эрен ай,
Оңоло албай турганда
Арт жагында саң калдай
Калмагынча калдырап,
Манжусунча балдырап,
Бек отур! – деп чуркурап,
Туш-тушунан буркурап.
Турбай сан кол кол салып.
Какандап ураан чакырып,
Жаңжу жанын аябай,
Кан Бакайдын үстүнө
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Көксөсүнөн жабылып,
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Түбү түптүү сан калдай,
Түп көтөрө дүңгүрөп
Түгөл колду салды эле,
Камышты көр, селди көр,
Какайлап ураан чакырып,
Каптап калган элди көр.
Мунара күйгөн чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр!
Жер жарылтып чуу туруп,
Каптап кеткен топту көр!
Туш-тушунан бакырып,
Турбай каптап көп манжуу
Туш-тушунан кол салып,
Теңиз Бакай абаңды
Теги манжуу, көп калдай
Тегеректеп калды эле.
Абыдан шери Калчаны
Жөлөп таяп, сан калдай,
Ажыратып алды эле.
Ай касаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Топурак каптап, боз түшүп,
Асман ачык, жер бүркөк,
Каарды катуу баштады,
Алды катуу кара жер
Каңтарыла таштады.
Чуу туруп кытай топтоду,
Как жарылбай калың жер
Калыңынан токтоду,
Эрендери, кандары,
Эчен түрлүү балбаны
Карган Бакай абаңды
Тегеректеп калды эле.
Ушу Күлчоро менен Канчоро
Бакайдын уулу Байтайлак,
Сары кандын Калыгы
Жамгырчынын Шайымбет
Ата, салмагы оор баатырлар,
Салышка мыктуу эрендер,

www.bizdin.kg



Сан колго тийчү берендер
Добулбасты урду эле,
Тоодой Бакай абаңа
Караан болуп турду эле.
Алмамбет уулу Күлчоро
Миңген аты сур болгон,
Атасы Алмаң көкжалдан
Артылта тууган эр болгон.
Кыраандардын баарысы,
Кымбат Бакай карысы
Кыргын тийген эмедей,
Кыйын кирди баарысы.
Алмамбет уулу эр Чоро
Ааламды бузган шер Чоро
Алты миң кытай, сан калдай
Аксакал эри Коңурбай
Суркоён менен ойнотуп,
Сан душман жоосун сойлотуп,
Каарланып бакырып,
Кан Бакайдын үстүнөн
Кара кытай манжууну
Айдап чыкты сапырып,
Жекене* белге курчанып,
Жер жайнаган кытайга
Жеке кирип кол салып,
Маңдайлашып турушуп
Айза салып балта уруп,
Барсылдашып урушуп
Токмоктошуп жөлөнүп,
Алтындай болгон кайран баш
Капкара канга бөлөнүп,
Чакчелекей чаң болуп,
Адам, бүткөн бойдун баарысы
Кара кочкул кан болуп,
Аябаган дүмөктү
Салып чыкты Күлчоро,
Аман-эсен Бакайды
А кытайдын колунан
Алып чыкты Күлчоро.
Берендей көзү киртийген,
Эр Күлчоро этине
Жети миң айза бир тийген.
Эрбеңдеген эки кол
Кызмат кылбай шал болгон,
Бүткөн бойдун баарысы
Былкылдабай дал болгон.
Тозой тартып жөлөңгөн,
Толтура канга бөлөнгөн.
Манжуусу бар, каны бар,
Байкасаң кызык ушул иш
Казатка кула салыңар.
Кагыштын жайы ушундай
Беттешкенде эл өлүп,
Менденден далай жан өлүп
Мекен кылып чоң жаңжал
Беттешсе болбойт ич арман.
Бөлөк балбан далайы
Караса көзгө илинбейт,
Мунун кайда экени билинбейт.
Чубак уулу Канчоро
Жеткилең манжуу көп калдай,
Ортосунда калды эле,
Жеткилең эри Коңурбай
Жебеден мурда жетти эле,
Көк борчуктун үстүнө
Көмө коюп өттү эле.
Бая энеси инди жалабы,
Канчоро аттан түшкөндө
Байлабай кытай калабы!
Каткалаңдын Сайкалы,
Катын балбан Ороңгу,
Кармашта мындай болорбу,
Тегеректеп көп балбан
Токтол кылбай кетти эле,
Аттан түшкөн чорону
Токтолбой байлап кетти эле.
Дүңкүлдөгүн урду эле
Сүйүнүп кытай турду эле,

www.bizdin.kg



Барабан башка кагылып.
Баатырды байлап алууга –
Бастырды кытай жабылып
Ошондо көкжал Бакай, Күлчоро
Көөдөнгө батпай көп санаа
Башка дүмөк күн түшүп,
Көзүнүн жашы миң талаа
Кыраанга кыргын салдырып,
Бул кылык жаман болду деп
Көзүнүн жашы миң талаа
Күлчоро менен Бакай кан
Кыяны кызык чалдырып
Кырансыган эрлерди
Кытайларга алдырып,
Кыйрашпай кантип калдык деп,
Жеткилең белин курчанып,
Жети сан кара калдайга
Жеке аралап кол салып,
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не муразга жеттик деп,
Кылча жанды аябай,
Кызыталак кытайга
Кыргын болуп кеттик деп.
Суркоёнго камчы уруп,
Ошол кезде Күлчоро
Андай-мындай дегенче,
Ачып көздү жумганча
Бек шамдагай ыктуу кул
Берендиги ушундай
Бет алганда көкжалың
Оронгуга жетти эле,
Кула бээнин үстүнөн
Көмө коюп өттү эле,
Желдеттери, балбаны
Жетип атка салганча,
Ажыратып алганча
Салышка кирсе сан колдой
Сандыргалуу Бакай шер
Жойболотту колго алып,
Жолборс Бакай жетти эле,
Жеткен жерде кан Бакай
Башын кесип өттү эле.
Калың кытай, каканчың
Каптап колду салды эле,
Канчорону байлоодон
Баатыр тууган Күлчоро
Ажыратып алды эле.
Шер экенин билгизип,
Көкборчукка миңгизип,
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Күлчоро, Бакай эки шер
Күчкө салып кытайды
Алып чыккан ошо жер,
Канчорону кутказып.
Кайра эрдигин кылды эле,
Кайра эрендер салышып,
Казат кылып турду эле.
Түбүнөн бери түтөгөн
Түгөнгөн сайын күчөгөн
Түптүү кытай эл экен.
Чабышып чама келбеген,
Муну кармашып менде жеңбеген,
Күрдөлүү кытай эл экен.
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Кырылып коркуп калбаган.
Кырылышса түбүнөн
Кумурскадай жайнаган.
Чапчышып чама келбеген,
Чабышып адам жеңбеген,
Кайнаган кытай эл экен,
Нур төгүлгөн көп элде.
Аман калып Бээжини
Эсенкан эли дээр экен
Кабар берип калкына
Буйрук кылып дөөсүнө
Бул Коңурбай кысталак
Бээжиндиктин ээсине

www.bizdin.kg



Чымчышаары Чынмачын
Чын кыргынды салгын деп,
Кайра каны Каканчың
Каптаганы көп кытай
Эл быжылдап жер толуп,
Эчен түмөн* кол болуп,
Каарды Калча баштады.
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Кайнап жаткан көп улук,
Коңурбай салган чоң бузук.
Бу кызыталак бурутка,
Бурут деген журутка
Кыйындарын кыйратып,
Кырып жерге тапта деп,
Кызыталак бурутту
Кылча бирөөн аябай.
Кыйрат журтум, капта – деп,
Билген чырың кылгын – деп,
Ичерине суу бербей,
Кайрак кылып кыргын – деп,
Камап элин алгын – деп,
Кылча койбой жалгызын
Кыргын кылып салгын – деп.
Жайдың күнү болгондо
Жалдуу байтал миңгизбей
Камап калкын кыргын – деп,
Күздүн күнү болгондо
Куйруктуу козу жегизбей
Кызыталак бурутту
Сасык камал кылгын – деп,
Тамын түртүп уратып,
Чынарын кыйып сулатып.
Чын кыйынын уратып,
Чын кыргынды салгын деп.
Дүңкүлдөктү урду эле,
Баягыдан чоң мүшкүл
Коңурбай кашта турду эле.
Кара курттай калкым бар,
Кармашкандын баарысын
Оңу таптырбай, соо кылбай
Отоп кетмей салтым бар.
Бурутту камап көмөмүн,
Каарым келди кашайдым,
Кармашканды соромун.
Жаактууга жай бербес,
Жайдак атка бой бербес,
Алышканга ал бербес,
Урушканга баш бербес,
Чет-Бээжин күтүп жайлаган,
Черүүсүн* милек айдаган,
Черишкен шору кайнаган
Эр Коңурбай шер болом.
Качырса канга тойбогон,
Мени менен кармашкан жан
сойлогон.
Каарды катуу баштаган.
Бу Көй-Каптан аркы көп элдер
Бээжиндиктин көкжалы Калча
келер – деп,
Көмкөрүлүп журт үркүп,
Көргөн жандын баарысы
Кырылып кете таштады.
«Журтум, кыйының Калча
мен мына,
Кыраарыңа кысталак кыргыз
эл мына.
Кызыталак кыргыздын
Кыйыны менен беттешчү
Кыйының Калча шер мына!
Бу кызыталак бурутту
Камап суусун бургула,
Калтырбай журтун кыргыла,
Баатырын байлап алгыла,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга* жаргыла,
Кутуруп калган буруттун,
Жаккан отун өчүрүп,

www.bizdin.kg



Жан-жабылта көчүрүп,
Түбүнө түптүз жеткиле
Түтүнгө бөлүп кул кылып,
Кара калмак манжу журт
Калтырбастан бу журтту
Олжо кылып кеткиле.
Жазга маал болгондо
Шамыянын* шайлатпа,
Шаштысы кетер бурутту
Эгин-тегин айдатпа,
Кочуш тукум чачтырып,
Жердин жүзүн ачтырба.
Баатырлыкты көп кылып,
Балбандары озгула,
Кыргын болуп сайышып,
Кызыталак буруттун
Кан-Жайлоосун тозгула.
Талап калкын алгыла,
Талкалашып урушуп,
Бурутка тамашаны салгыла» –
Деп, ошентип, Коңурбай
Буйрук берип турду эле,
Коңурбай кебин укканда
Манжууну Кудай урду эле.
Бул алтын айлуу сыр канжа,
Бул абаңдын жайы ушундай
Алачыктай эр Калча
Көк найза алып камынып,
Көрсөң сүрү ушундай,
Көк арыслandай чамынып.
Коңурбай түрүн укканда
Тыргооту түрө камынып,
Манжуу – кара калмагы
Сууну бурду а дагы,
Кыргызды камап чеп кылып,
Кыйын мүшкүл көп кылды,
Таластын суусун байлады,
Далай элди жайлады.
Эрен өлдү, калк өлдү,
Эңишкен жандар жалпы өлдү.
Кыргынды кызык салууга
Каарды  Калча бек кылды,
Сайды тозуп кек кылды,
Суу жибербей шерт кылды.
Кыярган сакал карысын,
Кыргыз журттун баарысын,
Адырда жылкы ала баш
Мында аргымак, буудан аралаш
Аны алды кытай олжолоп.
Эрендери, шерлери,
Аргын, кыргыз элдери
Арага калды корголоп.
Четтешти жүрүп жанды алды
Сасык камал кылды эле
Жылгынды, Кең-Кол, кең Талас,
Камап алып кыргызды
Караанга салып турду эле.
Жадаалды жаман баштады,
Жайнаган кыргыз кайран журт
Жаман камап келгенде
Жөн эле жандан кечип таштады.
Кең-Кол менен Таласка
Каптап кытай жетти эле,
Калтырбай журтту кырууга
Кырк алты курчап кетти эле.
Чапчышып чама келалбай,
Чабышып жоону жеңалбай,
Чамасы кетти элимдин,
Ичерине суу бербей,
Жалдуу байтал мингизбей,
Бу кутурган кытай каканчы
Сасык  амал кылды эле,
Кыймылдаса кытай журт
Жамгыр кылып жаа тартат,
Мөндүр кылып ок атат,
Камап журтту калды эле,
Каранга минтип салды эле.
Эңишип жүрүп эр өлүп,

www.bizdin.kg



Эчен баатыр тең өлүп,
Айзакерден ыктуу өлүп,
Айласы тегиз мыктуу өлүп,
Мында кара көңүл шер өлүп,
Кайраттуудан эр өлүп,
Мында кытай каптап таралып,
Кыйлаларын кырдырып,
Кыргыз качып камалып,
Кыйын мүшкүл иш болуп,
Бу кырыштын жайы ушундай
Кыйла адам түз болуп
Алакандай аз кыргыз,
Күнү-түнү кырк бир күн
Суу табалбай турду эле,
Сууну буруп көп кытай
Бу жаңжалды кылды эле.
Кыйындын баары күйүнүп,
Кыйла күнү суу көрбөй
Кыргызың жандан түңүлүп,
Чөөлүккөндөн эр өлүп,
Суусагандан мал өлүп,
Кысталак жандан түңүлүп,
Кыргызга мүшкүл бек түшүп,
Кыйлаларды кырды эле,
Кыйын мүшкүл кылды эле,
Кытайлардан Коңурбай
Кыйын камап турду эле,
Таластын суусун бир бөлөк
Сайга салып бурду эле.
Бээжиниң бекем эл экен.
Мендеден бөлөк көп экен,
Кармашып эч ким жете албай
Муну Какандын калкы дээр экен.
Кечээ, Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Камалган журтту сурасаң
Төрө Манастын сайган багында
Каныкейдин ордодо,
Айчүрөктүн коргондо
Журттун көбү камалып,
Кара-Буура, Чаткалда,
Мында камалып кыргыз жатканда,
Амал-айла түгөнүп,
Каарды катуу баштаган.
Калың кыргыз, көп ойгут
Жандан кечип таштаган.
Үч-Кошойду жердеген
Белгилүү Бакай карыя
Эштектердин Жамгырчы
Аргындардын Сары кан,
Журт жыйылып абыдан
Кара көкжал кабылан,
Кан-Соруңдун үстүнө,
Үйрүлмөнүн сазында
Үйрүлүп жыйын кылды эле,
Чогулманын сазына
Чогулушуп турду эле,
Кепти ортого салышып,
Айла издешип калышып,
Айла таппай турду эле.
Ошондо Алмамбет уулу Күлчоро
Мунун шамдагайы болжолсуз,
Шай колдогон шер Чоро,
Улугу Бакай карысы,
Бул ушунча журттун баарысы
Эр Жамгырчы, Сары кан
Эсил жандан түңүлүп,
Бул эндиреген абыдан.
Жандан экөө кеп баштап,
«Мунун дегенине көнөлү,
Бу тилегиң каткан Калчаны
Журтум а дегенин берели,
Алымын берип чактайлы,
Журтум, ал айылды минтип сактайлы,
Бу кыргынды кызык салбайлы,
Бу кытайга тартуу кылууга
Журтум, кыз, катынды камдайлы»,
Журт ушундай деген соң,

www.bizdin.kg



Ошондо Олуят уулу эр Бакай
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып:
«Бириң өлбөй, миңиң өл,
Бириң калбай, баарың өл!
Акыл айтпай куруп кал,
Атаңдын көрү, жаман журт,
Сен ач бөрүдөй улуп кал!
Туулбай тунар төгүп ал,
Мындан көрө тирүү жүрбөй өлүп ал!
Куудай сакал карыңар
Кызыталак кытайга
Кыргын болуп урушуп,
Кырылып кет баарыңар!
Бу кытайга сурак бергенче,
Дегенине көнгөнчө,
Кыз, катынды кууратып.
Мал-башыңды чуулатып,
Мойнуңа бото* салынып,
Жан калчалап жалынып.
Кечилди улук кылганча
Буга кол куушуруп турганча,
Кайраның өл, каның өл,
Калбай журтум, баарың өл,
Кең көкүрөк шериң өл!
Кырк жыл бою салышып,
Журтум, кыргын болуп баарың өл!
Кече, кабылан Манас барында
Эреним бар, каным бар,
Менин эр Алакем дагы бар.
Акбалтайдан Чубак бар,
Улаккан уулу Сыргак бар,
Музбурчак, Көкчө каны бар,
Кече, кыраандардын баары бар.
Аябай азап салганбыз,
Кечегүн алты ай Бээжинге
Канкор Манас шериңди
Кан көтөрө салганбыз.
Алтын менен күмүшүн
Жүктөй албай калганбыз.
Агача келин, сулуу кыз
Үптөй албай калганбыз.
Дегенине көнгөнбүз,
Он эки кандын калың кол –
Олжо кылып ошо жол,
Көп дүйнөсүн бергенбиз.
Ордолуу шаарын талкалап,
Он эки канга бийлеттик,
Көксө болгон чалдарын
Тамашага бийлеттик,
Күрсүлдөгөн эрине
Чылгый тери ийлеттик,
Чынмачынга чыр кылдык,
Каканчынын калкына,
Каарды жаман өткөрдүк
Кан Коңурбай баатырга,
Улуңчу дыңша элине,
Уябыз Манас барында
Урушту салдык Бейжинге,
Көкжалым аман барында
Көп сонун казат күч кылдык,
Биз көрүнгөн жерин түз кылдык.
Биз Капсандын жолун кыйраттык,
Биз Какандын жолун кыйраттык.
Камап жүргөн кол эле,
Бу кармаша жүргөн эл эле.
Бу кайрандар кетти колумдан,
Кудайдын кылган иши эле.
Булгаары така көк өтүк
Бу арамзаада эр Калча
Ошондо кайсы киши эле.
Бу алты айчылык Чоң-Бээжин
Арасы жакын жол эди,
Бу чала жүргөн жер эди.
Бу чапчыша жүргөн Коңурбай
Кайсы жерде бизден эр эди!
Бу сойкун кылды Калчага
Бу Кудайдын кылган иши эди.

www.bizdin.kg



Кебез белдүү, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Бу кайсы жерде киши эди.
Кече Кара-Шаар, Камбылды
Камап турган кезимде,
Карсылдатып кытайды
Сабап турган кезимде,
Карагайлуу айзаны
Боолоп турган кезимде,
Кытай эмес кылымды
Жоолоп турган кезимде.
Бууданым Манас барында,
Бу ошондо өлбөй не болдум!
Отура калып сийбеген,
Этеги жерге тийбеген
Бул учмактуу жинди Коңурбай.
Канткенде улук кылабыз,
Уйпаланып кетсек да
Жүргүлө, уруш кыла чыгабыз,
Бирликти берсек Калчага,
Калыкка кабар салганда,
Кан көтөрүп алганда
Казбайбы калың оруңду,
Кайнатпайбы шоруңду!
Бурутту колго алдым деп,
Керегеге бутун артпайбы,
Бу Калча кернейин тартпайбы!
Он эки капка Бээжинге
Ойрон кылып кыргызды
Олжолоп алып кайтпайбы!
Кебин алсаң Калчаны
Керинейин чалбайбы,
Кыргын кылып журтуңу
Капкайда кегин албайбы!
Каарланса Коңурбай
Каныңды карап кылбайбы,
Калтырбай журтуң кырбайбы.
Буланды булап албайбы,
Бузукту чогуу салбайбы.
Түзүңдү түзөп кетпейби,
Түбүңө чогуу жетпейби!
Алөөкөнүн Коңурбай
Калайманды баштаган.
Маргаланда Алөөкө
Атасы Манас арыслан шер
Аны союп таштаган,
Бээжинден көчөр көзү бар
Бейли курган чочконун
Бейлесең мынча өчү бар,
Калдайы бар, каны бар,
Кармашар мынча алы бар.
Чылгый бала Коңурбай,
Чын колуна журт тийсе
Чыркыратар доңуз ай.
Кара бала Коңурбай
Башыңды тартсаң болобу,
Басташкан душман Коңурбай
Жалынса жаның коёбу?
Күмүшүң берсең болобу,
Күчөсө жаның коёбу?
Кызыңды тартсаң болобу,
Кыргыздан тийсе колуна
Кыйшайбай акмак соёбу?
Айыкпас чууну салбайбы,
Айлыңды талап албайбы?
Бузулбас чуудан салбайбы,
Бууданың олжо кылбайбы.
Мурунку алпын кырбайбы,
Түзүнө кирсе көп кытай
Дүмүрүң түзөп казбайбы,
Сенин түгөтүп калкың чаппайбы!
Кызыл-тазыл кырмызы
Кыр-кырын тартсаң бөлүнбөйт,
Кыргыз журт тийсе колуна,
Кыжылдаган Коңурбай
Кылчайчу түрү көрүнбөйт.
Жашылала дүрүйө*
Жан-жанын тытсаң бөлүнбөйт,

www.bizdin.kg



Жакындап берсең Коңурбай
Жан койчу түрү көрүнбөйт.
Багынып берсе ал кытай,
Тел кулунуң жебейби,
Теминише киргенде
Тең тууган болом дебейби.
Башайың болбойт кийизче,
Басып алса Коңурбай,
Баарыңды кырат кийинче.
Сураксыз тартып кийбейби,
Суукка кийген күбөңдү*.
Алөөкөнүн Коңурбай
Сураса жетет түбүңө.
Эңишти кенен салалы,
Кечилдин каны баатырга
Кантип сурак берели дейт,
Атаңды сойгон капырга.
Жазайылды-жазаны,
Моюнга тартса көрөлү.
Түз кирип алты ай сайышып,
Түгөнүшүп көрөлү.
Кабылан башың барында,
Калкыңды кантип берели?!
Кастарын тиккен калмакка
Кармалашып көрөлү.
Калайман өлсүн, кан өлсүн,
Кармашкан жандын баары өлсүн.
Сары кан менен Жамгырчы,
Кеп айтпай экөөң куруп кал,
Ач бөрүдөй улуп кал.
Кан төгүшпөй капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Калыкты кантип берели,
Кутурган экен ал Калча
Кырылышып көрөлү.
Эрикпей алты ай салышып,
Элди кантип берели.
Кутурган экен бу кытай
Кулжуңдашып көрөлү.
Айза кармап, топ бузуп,
Каза жетсе окко учуп,
Түгөл кытай, манжу журт –
Көптүктөрү кара курт.
Кармалашып көрөлү,
Бет алышып кытайды
Астына каршы баргыла!
Дүңгүрөтүп дүйнөнү
Айгайларды салгыла,
Айза сынып, эр өлсүн,
Кытай, кыргыз тең өлсүн,
Берен өлсүн, бел өлсүн,
Мен деген эчен шер өлсүн,
Жаңжалдашып урушуп,
Дүмөктү түздөн салгыла!
Түгөнчү жооң каканчын
Ата душман Коңурбай
Айгайлашып калгыла!»
Деп, өшөнтүп, зор Бакай
Каарланып чамынып,
Карчыгадай камынып,
Кайран Бакай абаңа
Кайыптан акыл табылып.
Баатырлыгы, шерлиги
Карыганда Бакайдын
Манаска тете эрлиги,
Көк айза алып качырып,
Көрсөң абаң ушундай
Көк жолборстой чамынып.
Жан аябай кайран баш
Жабыгып турду камынып.
Тилге чечен Бакайдын
Ыктуу экени дагы чын,
Жоого камбыл Бакайдын
Мыктуу экени дагы чын,
Ааламды буй кылган
Абаң Бакай көкжалдын
Бел экени дагы чын.
Мендеге мыктуу туулган

www.bizdin.kg



Бел экени дагы чын,
Айзакерден акылман
Арыслан Бакай берендин
Шер экени дагы чын
Кан Бакай менен биригип,
Канкор экен Семетей
Арыстай көзү жайнады,
Кан ичмеси кармады.
Беделинен күч чыкты,
Бетин көрсөң арыстандын
Беш байпактык түк чыкты.
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Асты заарлуу көкжалдын
Асты жагын караса,
Арты айбаттуу көкжалдын
Арт жагына караса
Алты миң эрдин сүрү бар,
Атасы Манас эр көкжал
Омбуну жеп олжо алган,
Ортосун бузуп жол салган.
Аккуланы ойнотуп,
Бет алган жерин сойлоткон,
Берендин жайы ушундай
Бет алмак болду кытайга
Каза жетип, как өлүп,
Кармашканда кан өлүп,
Каранды калмак салсын деп,
Кан өлгөн соң кашайтып.
Анан журту алсын деп,
Ордодон көкжал оолугуп,
Мунун чапчышары Коңурбай,
Алышар жоосу көп кытай.
Чийип койгон дагдыры
Төбөгө жазса көрүүгө
Каптап келген Калчага
Кагышты катуу салууга
Айгай салып аз элди
Ажыратып алууга
Дагдыр жетсе өлүүгө
Куйту күнү Коңурбай
Уруш кылып бир алты ай
Калмак канын төгүүгө,
Чама келсе чапчышып,
Кытай канын чачууга.
Кыргыз колун бошотуп,
Таластын жолун ачууга.
Төрө каны Коңурбай
Тепсеп согуш салууга,
Төрө атасы Манастын
Азыр өчүн алууга.
Кысык жолду бастырып,
Кызыл буурул, тайкы жал
Онжоңдогон каранды
Ок өтпөс жабуу жаптырып.
Ажал жетсе өлүүгө,
Кечил каны Калчага
Кериш кыла көрүүгө,
Түйшүктү түптөп салууга.
Түгөнүшүп урушуп,
Камалган кыргыз, көп аргын
Ажыратып алууга.
Огойдон он төрт ат алып,
Олуя чалыш эр Бакай,
Ойрон энең Каныкей
Бул экөөнөн бата алып,
Арман кылбай аруулап
Ардай болгон каранды
Абай* менен жабуулап,
Козголбогон кайран шер
Колойгон тоодой каарлуу эр,
Койгулашар Коңурбай
Козголгону ошо жер.
Ак арысландай баатырың,
Күчөсө каарлуу капырың
Орто Кең-Кол жайлаган,
Он төрт буудан байлаган.
Атыша чыга жоо келсе,

www.bizdin.kg



Астыга салып айдаган,
Ачуусуна тийгенде
Азууга салып чайнаган.
Жоо качырса четтеген,
Жолукканды өрттөгөн.
Суу ич десе, кан ичкен
Канкордун уулу Семетей
Чалгынга каалап ат алып,
Чал Бакайдан бата алып,
Эки балбан уул алып,
Эңишери Коңурбай
Эми жүрдү куралып.
Ордодон көкжал аттанып,
Арыслaндай таптанып.
Айдаганы он төрт ат,
Асынганы Аккелте,
Алышары Коңурбай,
Ээрчиткени эки кул,
Көрсөң дүмөк азыр бул.
Айкасаба туу болуп,
Кудай бетин көргөзбө
Асман жарган чуу болуп,
Күлчоро менен Канчоро,
Жан жолдошу бу болуп.
Казат кылып Калчага
Калча салып жапааны
Камап турду канчага
Манастын уулу эр немең
Жолукса жоодон коркпогон
Шай колдогон шер немең
Барабан башка чалганы
Камаган жоону бет алып,
Канкордун уулу кайран шер,
Кан Семетей көкжал эр
Эки буттуу жан алып,
Билге жүктөп ок алып.
Коңурбай көздөй куралып,
Ач болоттой таптанып,
Өлсөк ыйман бергин деп,
Өкүлдөгөн Калчаны
Өкүмүнө көнөт деп,
Кыргын болуп жан өлбөй,
Кызыталак кытайга
Кыргызды кантип бердик деп,
Айза кармап кадашып,
Как жүрөккө мадашып,
Эрендер кирип топ бузуп,
Каза жеткен окко учуп,
Кармашты катуу салганы.
Канкордон калган мураапы
Кайран кыргыз аргынды
Кыжылдаган кытайдан,
Каруусу толук капырдан,
Ааламды буй кылган
Кан Коңурбай баатырдын
Алышты арбын салганы,
Аз гана журт кыргызды
Ажыратып алганы
Чымчышары Чынмачын,
Кармашары Каканчын,
Улуңту дыңша улуу журт,
Уюктуу каны Коңурбай
Мунун көптүгү түмөн кара курт.
Бир беттешип көрүүгө,
Кармашып көрүп өлүүгө.
Чама келбей алдырса,
Анан Манас жыйган кайран журт
Каканчынын канына
Олжо кылып берүүгө.
Ойлонуп туруп ушуну,
Ата Манастан тууган эр неме,
Баарынан көкжал шер неме
Окчонтойго ок сологон,
О дүйнө кеткен Манастан
Обсолоң тууган төрөңүз.
Батасын берип чыркырап,
Ыйлады айым энеңиз.
Беттешкени Коңурбай

www.bizdin.kg



Бет алса уулу өлөр деп,
Бейбак* энесин качан көрөр деп,
Бозала тынар болпоң деп,
Болбогон кыраан чолпон деп.
А дүйнө кеткен атаң шер
Азыр колдоп алсын деп,
Омийин! – деп, кол жайып,
Карыганда Каныкей,
Картайганда Чыйырды
Азапты ыйлап арыштап,
А дүйнө кеткен чоң кандын
Арбагына табыштап.
Энеси ыйлап буркурап,
Келеңкер чачпак, кең соору
Келини сулуу кыргыз журт.
Кызыл көйнөк, айча бел
Кыздары сулуу кыргыз журт.
Кыйры кейип буркурап,
Кыз-келиндин баарысы
Эри өлгөндөй чуркурап.
Кадырман ыйлап, кан ыйлап,
Канкор чыкса согушка
Калың журттун баары ыйлап.
Улукман ыйлап, кан ыйлап,
Ушунча журттун баары ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Эр Коңурбай баатырга
Эми чыкты жаңжалга.
Көбүнчөсүн жараткан
Жалгай көргүн деп ыйлап,
Коңурбайга катылып,
Кокуйга барып чатылып,
Алдырып койсо Калчага
Айлыбыз кандай конор деп,
Ата, мүшкүл, кантелик,
Айлабыз канча болор деп,
Белгилүүлөр кан ыйлап.
Бейлеп журттун баары ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап,
Каралды кылган жан эле,
Калың кыргыз аз журту
Каралды кылган жан эле.
Канаттууга кактырбай,
Тумшуктуута чектирбей,
Айзачанга алдырбай,
Сумсайып келген душманга
Суук колун салдырбай.
Баана* болуп барыктап,
Күтүп турган жан эле.
Добул келсе жел тийбес,
Булуңгур токой чер эле.
Бул Манастын белеги
Медер кылган шер эле,
Алып салып кытайды,
Үстү болор бекембиз
Алдырып салып кытайга
Асты болор бекембиз.
Жанга өлчөлү жалгызды
Жараткан көзүң салгын деп
Чын кудурет көкжалды
Өзүң колдоп алгын деп,
Аргын, огой кайран журт
Артык тилеп чуу туруп.
Баабединге* бата айтып,
Аман болсо көкжал деп,
Ай туякка ат айтып,
Ай өркөчтүү төө айтып,
Абаң минтип турду эле.
Ээрчиткен эки Чоросу –
Чоро деген чогол сөз,
Эр Семетей жоросу.
Жосундары бир башка,
Жоруктары кылымды билген
көйкашка.
Кылыктары бир башка.

www.bizdin.kg



Кылыктары кылымды билчү
көйкашка.
Кашка деп адам тергеген,
Булар өнөгүн жанга бербеген.
Бет алып менде келбеген,
Беттешип душман жеңбеген.
Көк сүлөөсүн суусар бөрк,
Эрдиги эпсиз кара көк.
Эренден артык шер эле,
Эгиздүү кара кыргызга
Темирден кыроо чеп эле.
Бу Күлчоро кыраанды
Жаа Алдам бербейт деги эле.
Алмамбет уулу эр Чоро –
Ааламды бузган шер Чоро.
Телегейи тең эле,
Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең эле.
Жан жаратып пендесин
Жакында бербейт дегеле.
Жайнаган кызыл чок эле,
Жаанда мындай жок эле.
Ээр белдей белеске
Таянып барып турушуп,
Тартынышпай урушуп.
Кырк уруу кытай кыйын эл,
Кыялап чыкчу тоо эмес.
Чууга кулак салбаса,
Чуудан кабар албаса,
Коңурбай оңой жоо эмес.
Таянып булар барганда
Эштектердин Жамгырчы
Аргын кандын Сары кан,
Акылга бүткөн Бакай кан,
Кайнаган какан эл экен.
Кастарын тиксе кан төккөн
Кара жолтой эме экен,
Чын-Бээжиндин баарысы
Чынмачын эли дээр экен.
Чын таянып турду эле,
Алөөкөнүн Коңурбай
Аңдыса оңой жоо эмес,
Чымчып жээр чөп бербей,
Чык этип ичээр суу бербей,
Чындап уруш кылды эле.
Аалам кытай козголуп,
Жер айрылып, көл толуп,
Жер жарылып, кир болуп,
Жеңип менде алгысыз,
Жер жүзү менен бир болуп.
Кара-Мойнок, Таш-Кашат
Камында чыккан Коңурбай
Кагының көрсөң оолак кач.
Белгилүү экен, бел экен.
Белгилүү Калча эр экен,
Кайнап жаткан Бейжинге,
Какандык киндик белине,
Чын-Бейжиндин өзүнө,
Кырк эшиктүү шаарына,
Эсенкандын алдына,
Падыша минчү тагына,
Сейил кылчу багына
Кароосу тегиз, заары күч
Кан эшендин алдына
Эсенкандын дүңкүлдөк
Камбай такты белине,
Калың кытай күчөсө,
Сүйүнгөндө бу журттун
Кабарга барчу жерине,
Эшиги болот ордого,
Эсенкандын коргонго,
Кабарчуу мыктуу бир далай
Бу кан Эсендин ак сарай.
Бу мээнет баскан сарайдын
Бекемдиги ушундай –
Дарбазасы чылчоюн
Түбүн таштан арттырган.
Ачаарында буратып,

www.bizdin.kg



Кыркы качыр, кыркы өгүз
Тартып ачып жаптырган.
Эсенкандын эшиги
Эсеби жок бек кылган,
Таштан жыйып чеп кылган,
Теги ошондой бек кылган.
Айланасын зоо кылган,
Болоттон курч кадаган,
Айза сайса мадаган,
Алалбай душман жадаган.
Эшигинин бир оозун
Миңдеп күндөп ачтырган,
Казыналык байдадан
Эшигинин алдына
Калтырбастан чачтырган.
Сырт жагына сыйпалгыр
Ажайыптан* орноткон.
Ажайыбы мынчалык –
Жолборсу алтымыш төлдөгөн,
Жолу каткан чоң канга
Жолоп адам кирбеген.
Жырткычтары бир далай –
Алты таш* жерден от тарткан
Алтымыш жалаң кара нар.
Жана анын аржак жагында
Кыймыл этсе чабуучу
Кылыч куйрук били бар,
Эми кыйын болсоң кирип ал,
Кытайдан улук Эсенкан
Кымбаты мындай билип ал.
Андан ары барганда
Айланасы чынар бак,
Ортосунда алтын так.
Ошо тактын алдында
Падышага кызмат кылуучу
Келер менен кетерди
Бал ачып билип туручу,
Чоң зыйкырчы улама
Чоң билгич андан сураба.
Бутканалуу* бичиктер*
Бек жазылуу даңзада*.
Колодон кылган буркандын
Кошуп ашкан жеринде
Кыркып алчу кырк аяр,
Тутанып өлгөн чочконун
Кыйындыгы бир далай.
Мунун көбү жалган, көбү чын,
Көрүп келген адам жок,
Мунун жармы төгүн, жармы чын,
Мунун жанынан келген бирөө жок.
Жомок кылдык эрмекке,
Жоголуп кеткен шерлердин
Жоосунун айтып бермекке.
Эсенкан жайы момундай –
Кээ бир түрүн карасаң
Эсинен танат көргөн жан.
Бадышалык багында
Сейилге минчү тагында
Эсен кандын алдына
Алты күлүк ат менен,
Алакандай Коңурбай берген кат менен
Артык балбан Акаяр
Канга кабар барыптыр.
Бурутту алып салдык деп,
Бээжинге кабар барыптыр.
Кабарчысын кааласа,
Калк аманын караса
Эр Калчанын каты экен.
Кылымга бузук салдык деп,
Биз кыргызды камап алдык деп,
Чактабай чабуул салдык деп,
Чабылып кеткен бурутту
Чарк айлантып бек курчап,
Чабылды мыктап салдык деп,
Кыйындарын кыйратып,
Кыргын кылып кетүүгө
Аз калышып калдык деп.

www.bizdin.kg



Кан экени чын болсо,
Айткан сөзгө көнсүн деп,
Ат оюнбоз, жөө күлүк
Эсенкандын алдынан
Атканы аман кетпеген.
Алыш кылган жоо келип,
Муразына жетпеген.
Белгилүү сөзгө көнсүн деп.
Балбандардан дардаңдан,
Албан түрлүү жандардан
Бошонсо талкан кылуучу
Кынжылануу* балбандан,
Темир аркан* торчондон.
Тегиз канжарколчондон*,
Бука моюн, буура сан
Булкушканды кууратканн
Жоого каршы барчуудан,
Миңдеп-сандап кол келсе
Тирүү байлап алчуудан,
Бээжинден чыккан эренден,
Бек шаштыбыз чын кетип,
Беттеше албай турабыз,
Беренден тандап берсин» – деп,
Эсенканга кат жазган.
Кылымды билген Коң төрө
Кытайынча бат жазган,
Карагул баштап Каман алп,
Жору куйрук жоон алп,
Эңиштен өлдү Ороңгу,
Эзелде мындай болобу!
Бузулуп жаткан бурутту,
Ошо бурут деген журтту
Булкушуп байлап алууга,
Бузукту мыктап салууга,
Кандарын карап кылууга.
Катынын олжо кылууга,
Олжолоп түрлүү элди алып,
Ойлосоң Бээжин туруугa.
Эсенкандан кол сурап,
Ата, тутанып өлгөн эр Калча
Эсеби жок мол сурап,
Буттап болот имерген.
Бээжинден чыккан чоң бүлүк
Биёңгү чалды жиберген.
Катын окуп баш чайкап,
Катуу шашып Эсенкан
Зыйкырчысы, балчысы
Азап менен ажалды
Билип берчү жарчысы,
Чоң дары жер балбаны
Чоң билгичтер алары
Үйдөй болгон чоң буркан*
Колу менен жараткан.
Кулак-мурдун чойдурган,
Кудайым деп чоюндан
Колодон буркан койдурган.
Чоң зыйкырчы балбаны
Чоң-кичигин бир карап,
Чогуу жандан түңүлүп,
Башын чайкап калганы.
Чоң зыйкырчы көрдү эле,
Такка минген канына,
Кан Эсендин алдына
Кара тилин кайрады,
Кан алдына зыйкырчы
Какшап туруп сайрады.
Кечилдин каны Коңурбай,
Белгилүү Калча белибиз,
Бээжинден чыккан шерибиз.
Кыргызга барды келчү эмес,
Мунуң кыйырды журту көрчү эмес.
Мунуң буруткa барды кайтабы,
Бээжинге эсен тартабы?
Бурутту алды дегинче,
Кытайга бузук күн түштү десеңчи.
Бу кыргызга барды дегинче,
Мунуң кырылып кайтат десеңчи.
Бу канкордун уулу төрөгө

www.bizdin.kg



Катылган аман болобу,
Кармашып Калча келеби?
Ал манжуң Каканды аман көрөбү?
Кече калың журту кууганда,
Бу канкордун уулу чунакты
Бу Каныкей бейбак тууганда
Уламадан уладым,
Бул олжого кеткен куу дулдул
Кылык менен жоругун
Ошол олжо күндөн сурадым.
Туулганда тутангыр
Денеси жерге жетти дейт,
Сексен күнү жамгыр жаап,
Жер бузулуп, тоо кулап,
Зилзала* жүрүп кетти дейт.
Эрдигин көп жан көрүптүр,
Атасы канкордон кыйын экен деп,
Сынчылар сынап көрүптүр.
Жанында жолдош сексен төрт,
Бет алып менде алабы?
Анын серпилген жагы кызыл өрт.
Семетейди тууганда
Белги болду деп уктум,
Баабедин деп бакырып,
Бала жерге түштү дейт
Канкор Манастап ураан чакырып.
Анын кытай тоюн жеп койду,
Аны кылымды бузар деп койду.
Ушундай болгон кылыгын
Уламадан уладым,
Билгендерден сурадым.
Казыр айтам баянын.
Мен какандын элин аядым.
Оң колуна кара кан
Кармай түштү деп уктум.
Оң колуна кара кан
Кармай түшкөнү –
Кармашардай жоо болсо
Кара кандай агызып,
Канын төгөм дегени.
Сол колуна сар алтын
Уучтай түштү деп уктум.
Айта турган кебим бар
Ар кармаган белгим бар
Буркан туйлап так тердеп,
Бул азабы бар эле.
Беттеп менде барабы,
Канкордун уулу чунакка
Бет алган аман калабы?
Чоң уруш салбай кайтсын де,
Чоң кыргын болот кыргызда
Чочунуп кайра тартсын де,
Буруту турса келчү эмес,
Мурун буралып аман келчү эмес.
Атка оюнчу жөө күлүк
Балбандан Эсен бериптир,
Азар түмөн* кол болуп,
Ааламдын баары козголуп,
Коңурбайдын алдына
Кол жаңырып келиптир.
Баштагыдан миң эсе
Ат оюнбоз, жөө күлүк*
Бузулардын чоң мерген
Кол башчысы Чаңдаяк
Которулуп кол келген.
Жер коңторуп суу кечип,
Жер майышып мол келген.
Түрлүү-түрлүү кол келген,
Коңурбайдын алдына
Кара курттай калк келген.
Эр Чаңдаяк алп келген.
Бозала желек туу толгон
Бой-бойлогон чуу болгон.
Ай касаба* туу болгон,
Аз болгондо сыйпалгыр
Асман жарган чуу болгон.
Толук айза кыргалап
Толкуп манжуу, көп шибе

www.bizdin.kg



Туралуу желек булгалап,
Тоо дүркүрөп кол толуп,
Толуп жаткан мол болуп,
Толгон кытай кол салды,
Добулбасты тарс уруп,
Аламан коюп чуу туруп.
Кандуу канга канышты
Кайра тартпай эрендер
Кайра баштан сайышты.
Атка оюнбоз, жөө күлүк
Казыналык балбаны
Баягыдан бешбетер
Кайра тажаал салганы.
Алакандай кыргызды
Тегеректеп калганы.
Аран ооз сыр жебе
Аны менен бир миңди атып,
Кумдак алтын очогор
Кум жасаган ошого
Муну менен миңди атып,
Жетик уруш салды эле,
Караса көзгө илинбей,
Камгак учкан эмедей,
Кайсы экени билинбей,
Жайнап кытай кол салып.
Мөндүрдөгөн окту көр,
Бөлөктөп жүргөн топту көр,
Жамгырды көр, чокту көр.
Жайнап тийген окту көр,
Кумурскадай колду көр,
Курттай курчап молду көр.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо түшүп,
Кылаңгар көзүн кылайтып,
Кыл мурутун шыйпайтып,
Арыстай тишин агартып,
Эр өлүгү тоо түшүп,
Кабарман өлүп, кан өлүп,
Кагышкан жандын баары өлүп,
Жети күнү аралап
Сары кан чыкты бир жерден
Жетимиш жерден жара жеп,
Бакай чыкты аралап,
Абакең чыкты бир жайдан,
Алтымыш жерден жара жеп.
Канчоро чыкты бир жайдан,
Кытайды кыйга түшүрүп,
Көкжалдыгы ушундай
Көктелки окко учуруп,
Кытай кармап аларда,
Курмандыкка чаларда,
Шер экенин билгизген.
Абасы көкжал Семетей
Абыкенин Акборчук
Акборчукка мингизген.
Кололуу айза курч берип,
Колго кайра киргизген.
Ээлендирип жулкунтуп,
Ээн калган Буурулду
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Жеткен жерин айзалап,
Мунун жетиги Калча кайдалап
Семетей кирген кыргынга.
Толгон күнү аралап,
Толкуган элден жара жеп.
Эрдиги эпсиз озуптур,
Элден кытай капырды
Эрениң көкжал тозуптур.
Кең дүнүйө тар болуп,
Шекер сындуу шилекей
Төрөң бир жутууга зар болуп,
Чама чарчап, бек суусап,
Ичи-тышы өрт болуп,
Астындагы Ар Буурул,
Каны калган бир кашык,
Канча жери жаралуу
Эти калган көк жашык.
Эрениң кайдан аянып,

www.bizdin.kg



Эпсиз кытай каптаса,
Көкжал Кан-Жайлакты таянып.
Кан-Жайлакка келгенде
Күлчорону көрдү эле.
Баатыр атасын көргөн эмедей,
Буурулдун оозун бурду эле.
Муңдашым бери токто деп,
Муң сөзүн айтып турду эле.
«Баатыр, Кытайда абаң өлөт бейм,
Күлчоро, кыргызды кытай
бөлөт бейм,
Алсызды бу журт билет бейм,
Айтылган мыш-мыш чын болсо
Таңдын макшар күнүндө
Бу таланып кеткен кыргыз журт
Бизди кара эшек кылып минет бейм!
Чором, биздин чапчыша турган
чама жок,
Адам, алыша турган айла жок,
Адам, ушундай окшойт дүйнө бок!
Дегенине көнсөк бейм,
Бу каарланган капырга,
Бу кан Коңурбай баатырга
Бу калыктын баарын берсек бейм.
Манжуунун каны Эзкара
Буурулду тартуу кылсак бейм,
Чором, кечилдин каны Коңурбай
Айчүрөк тартуу кылсак бейм!
Каарланган Калчанын
Дегенине көнөлүк,
Бу калың журтту кырдырбай
Бу каалаганын берелик.
Аргын менен кыргызды
Астына айдап салалык!»
Деп, ошондой дегенде
Чочуп кетти Күлчоро:
«Кокуй, аба, не дейсиң,
Алат, аба, не дейсиң?
Бул кебиңди ким уксун,
Капкараңгы түн уксун!
Казылып калган көр уксун!
Катуу кара жер уксун!
Андан бөлөк ким уксун,
Түү кокуй, аба, не дейсиң,
Казмак болдуң орумду,
Качан болсо тил албай,
Аба, кайнатмак болдуң шорумду,
Айттың башка кызыкты,
Менин башыма салдың бузукту.
Бул отура калып сийбеген,
Этеги жерге тийбеген.
Колодон кылган бурканы,
Бул ошондон башка билбеген,
Айтканга кантип көнөлү,
Атабыз душман чочкого
Аргынды кантип беребиз.
Айтканына көнгүнчө,
Кызырлуу журту бергинче,
Туулбай туна чөгөлү.
Турбастан алты ай салышып,
Кырылышып көрөлү.
Былкылдак куурай бышканча,
Мыйзамдын күлү учкунча,
Мыктап алты ай салышып.
Антип турсаң, сен аба,
Буурулду бергин минемин,
Буулуңду бергин киемин,
Мен бура тартпай капырга
Каканга чейин сүрөмүн,
Казам жетсе өлөмүн,
Кан Коңурбай кул менен
Кармалашып көрөмүн.
Же кытайды кырып, курган жан
Оңолгончо салышам,
Асылжан кетип дүйнөдөн
Жоголгончо салышам.
Кызырлуу Бакай карыбыз,
Кытайды улук кылганча

www.bizdin.kg



Кыл эме калбай таптакыр
Кырылалы баарыбыз.
Кытайдан корккон оңобу,
Кыйрыбыз эки болобу
Калмактан корккон оңобу
Биздин калкыбыз эки болобу,
Улук кылып кытайды,
Уялбай кантип турайын,
Алты жыл тынбай салышып,
Мен жанымды курман кылайын,
Аким кылып калмактын
Дегенине кантип көнөйүн,
Чын аябай кор болуп,
Чынмачындын журтуна
Зайбымды кантип берейин.
Кыйындап коркуп кытайга
Кызымды тартуу кылбаймын,
Мен кыргызды кыргын кылбаймын.
Жаңжалдашпай турбаймын,
Кызыгып келген кытайга
Кыргынды кызык саламын,
Кыямат кеткен атамдын
Өлтүрүп өчүн аламын,
Кайнап жаткан капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Каканга чейин сүрөмүн,
Белсенип таштап урушуп,
Бээжинге айдап киремин,
Буласын булап аламын,
Кызыгып келген кытайга
Кыргынды кызык саламын.
Кыйыным абам не дейсиң,
Айзалашып топ бузам.
Ай, Күлчоро, дедирип,
Дагдыр жетсе окко учам,
Камап келген капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Каканды көздөй чубалтып,
Сайышкан жерин чаң кылып,
Калдайын сайып, кан кылам.
Капкасын бузуп, чаң кылам,
Айдарлуусун* тул* кылып,
Таш сайынган* тазасын
Такыр союп жүн кылып,
Көк айза кармайм чалкалап.
Көкжалын союп талкалайм,
Ак айза кармап чалкалайм,
Манжуусун союп талкалайм,
Кыргын кылам карысын,
Кызыгып калган кытайдын
Кырып айдайм баарысын.
Каарлансам баатырмын,
Каарланып, жан кечтим.
Кагышсам өзү татырмын.
Бээжинден келген кытайды
Бээжинге чейин сүрбөсөм
Калдайдан келген калмакты
Калкына айдап кирбесем.
Алтайдан келген манжууну,
Алтайды көздөй сүрбөсөм,
Туулбай тунар чөгөйүн,
Күлчоро болбой өлөйүн.
Күчөптүр кара калмагың,
Мен бир күркүрөшүп көрөйүн.
Чамасыз болсом өлөйүн,
Кутурган экен кытайың
Мен кулжуңдашып көрөйүн,
Айланайын, абаке!
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эчтеке менен ишиң жок,
Маңоо киши экенсиң,
Кокуй күн, абам, не дейсиң,
Азар түмөн капырга
Батаңды бергин алайын.
Бастырып кыргын салайын.
Кечиртбей кегим алайын,
Күчөгөн кара кытайга
Күркүрөп кирип сайышып,

www.bizdin.kg



Кум талкан кылып чалайын.
Берендерин четтейин.
Белгилүүсүн өрттөйүн.
Талыбай алты ай урушуп,
Таштуусун талкан кылайын.
Калкымды берип кытайга
Кан буйругун жүргүзүп.
Канткенде карап турайын,
Күчтүүсү менен урушуп,
Күндөөсүн кармап соёюн,
Күчтүүсүнгөн Коңурбай
Улугун кармап алайын,
А дүйнө кеткен атама
Курмандык* кылып чалайын,
Ичинен чыккан кара кан
Суусунга жутуп алайын.
Менин бу дүйнөдө жыйганым –
Менин тилегеним ыйманым.
Мен кагыш баштайм капырга,
Мен кан Коңурбай баатырга,
Мен дүмөк баштайм беренге
Түз киришип, кол салам
Кан Коңурбай эренге.
Абаке, журтуңду бек жүрүп ал,
Кыргынга кирген Чороңду
Жетимиш күндөн күйүп ал,
Жетимиш күндө мен калсам,
Кейип журтум деп койгун.
Кармашып жүрүп Күлчором
Кагыштан өлдү деп койгун.
Дүйнөдөн өттү Чором деп,
Кашатка басып токтоп кет.
Кыраанымы өтүп кетти деп,
Жан боорум деп жоктоп кет.
Беш аркар жылдыз батканча
Беш кайрылып мени издеп
Менин берен энем Каныкей
Ак сүтүнөн кечсин де,
Керезим ушул, кеп ушул
Келе бер аба, колуңду,
Кара курттай капырга
Казат баштап жаң кыям,
Кан Коңурбай баатырга
Аба, Кудай билет өлүштү,
Кудай билет кытайдан
Эсен-аман келишти.
Алдам билет, абаке,
Сени аман көрүштү.
Кудай салса бир буйрук
Көргөнү кетип баратам.
Кытайлардын баатырга
Кылымды бузган капырга,
Өлгөнү кетип баратам.
Дагдырым жетсе өлөрмүн
Дардайган кара калмагың
Ажал жетпей күн бүтпөй
Аман турсаң кайран баш
Бир кызык кылып берермин.
Аба, кейий берем мунуңа
Аба, багып алган кулуңа
Сен абам ыраазы болгун мунума
Аба Бээжинге бейпай сала жүр,
Менин кырааным өлүп калды деп
Эсиңе мени ала жүр.
Дагдыр жетсе өлөйүн,
Кыямат кеткен шер үчүн,
Зайыпбуруш* эр үчүн,
Көкжалым аман сен үчүн,
Аргын, кыргыз калк үчүн,
Ата-баба нарк үчүн
Кагышты катуу салайын
Кармашарым каканчын
Кадыр Алда жол берсе,
Кармалашып калайын,
Кан абам, келе бергин колуңду,
Бер жакка бур мойнуңду» –
Деп, өшөнтүп, Күлчоро
«Жазайып салса жапаны

www.bizdin.kg



Көргөнү кетип баратам.
Жападан жалгыз салышып
Мен өлгөнү кетип баратам»,
Ушуну айтып Күлчоро
Ээгинин алдынан,
Сакалынын үстүнөн
Коркуратып бек жыттап,
Кош, абакем, деп жыттап,
Кынсыз кылыч байланып,
Кытай жакка шайланып,
Кайра бузук салчуудай
Каары бетине айланып,
Ата, билими мыктуу, таш жүрөк
Жолборс сындуу бадирек*
Койгулашкан душманга,
Коркуп колтук ачпаган,
Беттешип келген душманды
Коёндой жерге жанчтаган,
Кылымга кыргын баштаган.
Туюкту бузуп жол салган,
Жашы он экиге келгенде
Ордолуу шайык көк жөкөр
Бул орчуну Кокон, Маргалаң
Бул ошону камап аны алган.
Ордо бузуп, олжо алып,
Бул орчун берен атыккан.
Бу Манастын уулу Семетей
Ырысына туулган,
Бу кыргындашып урушса,
Кытай эмес, кылымга салат чуулган.
Бу Күлчоро жайы ушундай.
Бу жайнаган кызыл чок экен,
Көкжалың жаанамда* жок экен.
Бул узун бойлуу, кең далы
Ары балбан, ары шер
Берендиги белгилүү.
Бет алганды койбогон,
Ыктуулугу дагы бар,
Бет алган жердин баарысын
Арыслaндай жойлогон.
Алышып жанды койбогон,
Арыслан тиши өтпөгөн,
Ааламдын алы жетпеген,
Алмамбеттин чунагы.
Бу кыргындын кызык убагы
Бу кылымга кыргын салгыдай,
Бу учмактуу бутка балбандай,
Улук сындуу көкжалың
Журт бийлеген зарлардай.
Жан жаратып жараткан
Пендесин кылган ар кандай.
Кытай бир түгүл кылымга
Балаң кыргынды мыктап салгыдай.
Муну көзү бөлөк, кеби тик,
Көркөмүн көрсөң баланы
Көбүрөөк жандан күдөр үз,
Бу жалаяк ооз, жар кабак
Адам, жалаңган баатыр куу чунак.
Бу кабаты менен куу жолтой
Ок өтпөс тонун кийинип,
Оолуккан жини момундай.
Бу кытайга кирет дегенде
Бу кыз кайнын көргөн эмедей,
Баатыр кымылдап күлүп сүйүнүп,
Бул алышчу киймин кийинип.
Булгунга барчуу эмедей,
Согушка барат дегенде
Бул оюнга барчу эмедей.
Ойноктоп күлүп сүйүнүп,
Алтын кисе курчанып,
Алмамбет уулу көкжалдын
Айдай бетин нур чалып,
Күмүш кисе курчанып,
Күлүңдөгөн кыраандын
Күндөй бетин нур чалып,
Белеске чыгып белсенип
Берендиги ушундай
Көкжал бери ургандай теңселип,

www.bizdin.kg



Жоругу жолборс түрлөнүп,
Көк олпок тонду жамынып,
Көркөмү түрлүү Күлчоро
Көк арыслан дай чамынып,
Бу а-а дүйнө кеткен шерлердин
Зайыпбуруш эрлердин
Арбагына жалынып,
Кытайдын түрү момундай
Күлчоро кыяга чыгып караса:
Эл аманын кааласа,
Эки жакты караса
Кылкылдап кытай жетиптир,
Кырк кандын эли кырк бөлөк
Ортого алып кыргызды
Тегеректеп кетиптир,
Казган чуңкур орлорду,
Кайнаткан экен шорлорду,
Камдаган экен зорлорду.
Ач айкырык, куу сүрөөн
Ала байрак шыбыргак
Азбы-көппү ким билет?
Аңтарылып жер жүзү
Жаткан экен кыймылдап,
Алөөкөнүн Коңурбай
Сайышка мыктуу доңуз ай
Абаң түрү момундай
Сакчыны кармап алыптыр.
Коңурбай курмандыкка чалыптыр.
Көптүккө салып эр Калча
Мына өзөндүн суусун буруптур,
Ал өзөндүн ичине
Талдан токуп жыйыптыр,
Кыл чөмүчтөй суу бербей,
Кыстоо түшүп башына,
Мына кыргызды Кудай уруптур.
Уй мүйүз тартып көп кыргыз
Жыйылганы калыптыр.
Айласы кетип чуркурап,
Кырылганы калыптыр.
Түсү суук эр Калча
Түйшүктү мынча салыптыр.
Мына кыйын кыргыз карысы,
Кылча калбай баарысы
Кыргын тийген эмедей,
Жыйылышып баарысы,
Кытайды Кудай уруптур
Кыргызды сасык камал кылыптыр,
Мына толкуп кытай жетиптир.
Топ-толтура Таласты
Токсон беш курчап кетиптир.
Эчкинин тоңгон майын жеп,
Эсирген экен көп кытай
Жылкынын кысыр тайын жеп.
Кыргызды камап алыптыр,
Кыстоого журтум салыптыр.
Кыздарын олжо кылууга
Кытай журт жакындашып
калыптыр.
Жакындаган колунда
Калдайы бар, каны бар.
Кан иччүүсү дагы бар,
Мендеден бөлөк алпы бар,
Беттешкендин баарысын
Канын ичмей салты бар.
Камап жаткан көп колду
Керүүгө салган там экен,
Кечилдин каны Коңурбай
Камап жаткан чагы экен.
Коңурбай кандын жанында
Айт дегенде жетүүчү
Кум талканын чыгарып,
Кыргын кылып кетүүчү
Шуру отогот*, маржан таш*
Коңурбай кандын жанында
Луңтуңдун каны аралаш.
Күрмө кийген күчтүү бар,
Таш сайынган таза бар,
Бадана* кийген баатыр бар,

www.bizdin.kg



Камаган экен кыргызды
Албан түрлүү капырлар
Казатка кармап минүүчү
Жоого беттеп тийүүчү
Качыры бар, төөсү бар.
Көлүгү жок, жөөсү бар.
Көк опολдой көрүнгөн
Албан түрлүү дөөсү* бар.
Сан түмөн бөлөк калкы бар,
Сапырып журтту кыруугa,
Өз билгенин кылууга
Камынган экен каркыбар.
Кечилдин каны эр Калча
Мунун керишке түрү бир башка,
Бу кырк кандын эли кытайды,
Кылча койбой дөөлөрдү
Чубатууга салыптыр,
Кырк уруу кытай илек* журт
Сынчысына сынатып,
Эренин каалап алыптыр,
Чуулдатып баарысын
Чубатууга салыптыр,
Сынчысына сынатып
Сырттанын бөлүп калыптыр.
Балбанын сынап жактырып,
Козголоңдуу эр Калча
Өзөндө сууну бактырып.
Бактырган балбан-шерлери
Барааны мындай эрлери
Алышканды койбогон.
Бир жегенде бул чочко
Бир каманга тойбогон,
Колу болот оргоктон,
Ай-ааламды буй кылган
Адамдан чыккан сорготон.
Кара бейил капырдан
Кытайлар айтат канкүң деп
Ошондон чыккан баатырдан,
Өзөн баккан балбандын
Моюнунда бүчү бар,
Бир балбандын өзүндө
Токсон балбан күчү бар,
Каарланып жайланган
Алтымыш батман чоюнбаш
Муну ар кимиси байланган.
Каарланса какайды
Тоону балбан бир салган,
Чокморунан чаң чыккан,
Тоону чапса от чыккан.
Балбандардын баары бар
Башын жулуп балбандын
Кезиккенди балбаны.
Канын ичмей салты бар.
Бээжинге кабар салдырган,
Беренин тандап алдырган,
Албан түрлүү балбаны,
Ачууланып катылса,
Адамдын чыгат далдалы,
Түгүтаман балбаны,
Өзөн жерден суу бербей,
Ошо Түктаман тозуп калганы.
Кабылгандын жөн эле
Чыга турган далдалы,
Эки жагын каранып,
Ээрди-мурдун жаланып,
Аа балбанга жетүүгө,
Кыргын кылып өтүүгө,
Кырааныңыз Күлчоро
Шер экени көрүнүп,
Кымбаты тууган кыраанын
Кыргыздан жалгыз бөлүнүп,
Эрте сөзү кеч болуп.
Балбанына баруугa,
Бир кыргынды салууга,
Кылычтап башын алууга,
Кырааныңыз чоронун
Эки көзү төрт болуп.
Бөлөк сындуу кабылан

www.bizdin.kg



Жаалданып шайланып
Жан-жанына кыраандар
Жалаң кылыч байланып.
Түктаманга жетсем деп,
Түгөнүшө кетсем деп,
Кандуу канга кансам деп,
Карсылдатып токмоктоп,
Кагышты катуу салсам деп,
Суу кайтарган балбанын
Эптеп баса калсам деп.
Шай* колдогон Күлчоро
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып калыптыр.
Өрттөй көзү жайнаптыр,
Өткүр тууган кыраандын
Кан ичмеси кармаптыр,
Эки көздүн кычыгы
Оңурайып бөлүнүп,
Түктамандын көзүнө
Опол-Тоодой көрүнүп.
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин асты дың жата,
Жер карарып айланып,
Жан-жаныбар макулук
Көзү көрбөй байланып,
Түн ортосу мезгилде
Жаадай сур ат минип,
Жакуттан балта колго алып,
Касаба* колдо калкылдап,
Опол-Тоодой шер Чоро,
Ай-ааламды буй кылган
Алмамбет уулу шер Чоро
Суркоён оозун бурду эле,
Түз болот айза сунду эле,
Түгөнүшө кетсем деп,
Кароолчу балбан Түктаман
Кыраанын карап турду эле.
Түктаман жайы момундай:
Өзү Акаярдын уулу экен,
Артык сынчы кул экен,
Тирүүсүндө сөзү ачык,
Өткөрө сынчы көзү ачык,
Түктүүтаман дээр экен,
Бек зыйкырчы, чоң билгич,
Белгилүү балбан ал экен.
Кароолдогу балбанды
Кулду Кудай урду эле,
Күлчорону өрттөнгүр
Көбүрөөк сынап турду эле:
Оо, ботом, кароолчумун, балбанмын,
Карап турган сен кимсиң?
Ач арслан жолборстой,
Алышкан аман болбостой
Карап турган сен кимсиң?
Азыр илчү шумкардай
Алганы турган сен кимсиң?
Ач кыйгылма жолборстой
Ботом, чалганы турган сен кимсиң?
Кароолчукту, алптарды
Карап турган сен кимсиң?
Канча экенин көп колду
Оо ботом, санап турган сен кимсиң?
Бурутсуңбу, жоосуңбу?
Бул кулунум, соосуңбу?
Жаадай супсур ат минген,
Жалаң кылыч байланган,
Жоо жагына камданган
Жоболоңдуу сен кимсиң?
Жалаң кылыч салынган,
Айбатың кыйын, заарың күч,
Катылганды кылган түз
Балам, карап турган сен кимсиң?
Учмактуу болот сыр найза
Оңурайтып сунасың,
Урушарың ким эле
Кимди каалап турасың?
Комокойлуу сыр найза

www.bizdin.kg



Колойтуп жоого сунасың,
Кимди каалап турасың
Сенин сыягың бөлөк, заарың күч
Сырттансынган сен кимсиң?
Кара болот Зулпукор*
Шайлап турган сен кимсиң,
Кара чокмор айбалтаң
Каршылаша кетчүдөй
Камдап турган сен кимсиң?
Эки жагын каранган,
Ээрди-мурдун жалаңган
Эр мүчөлүү сен кимсиң?
Чоңдугу тоонун теңиндей
Качырса жоону жеңгендей
Себил* киймиң сексен төрт,
Серпе алган жагың кызыл өрт.
Жалаяк ооз, жар кабак
Жалаңгыч* сындуу сен кимсиң,
Асман менен көгүндүн
Тирөөсүндөй сен кимсиң?
Атактуу бурут канкордун
Бир өзүндөй сен кимсиң?
Уланды тоонун куюлуш
Сеңириндей сен кимсиң?
Улап койгон болоттун
Оо, ботом, темириндей сен кимсиң?
Кырк кан Бээжин Дыңшаны,
Биз кыйласын көрдүк мынчаны.
Кыр-кырыңдан карасам.
Кытайлык түрүң көрүнбөйт.
Кең Бакбурчун, Дыңшаны
Кездиге эле мынчаны,
Бекер эмес затыңыз,
Беттеше кетчү душмандан
Берендик түрүң көрүнөт
Балам ай, ары тартыңыз,
Ырдап берчи ырыңды,
Кыргызсыңбы, жоосуңбу,
Айта кой, балам, чыныңды?

Анда Чоро муну айтат:
«Жүн таман балбан»,– деп айтат –
«Атам балбан, чоң улук
Тетиги Бээжинден чыктым
тоорулуп
Кабардан ушак кеп уктум,
Канча түмөн кол менен
Кан Коңурбай эр Калча
Кызыталак бурутту
Алалбай атат деп уктум,
Калкын карап туруута,
Казыр чыктым Бээжинден
Калтырбай журтун кырууга,
Төрөсүн байлап алганы,
Казыр келдим Бейжинден
Калкына каран салганы.
Кара элечек* кылууга,
Калтырбай калкын кырууга,
Канкуу шаардан кол чыкты,
Калбай тегиз мол чыкты.
Жүрүшүнөн чаң чыкты
Токшукерден Эзкара
Тобунан каалап ал чыкты
Үшүп кетем жооң бер
Аба балбан колуң бер
Бурутка бүлүк салууга
Камына келген эренмин.
Кантүрлүктүн шаарынан
Камына чыктым абыдан,
Кабар тийип өзүбүз,
Кароолго чыккан кезибиз.
Канкор бурут душман – деп,
Каңгүрдөн уктук өзүбүз,
Деген сөзгө көнүңүз,
Бурулуш кайда, тоо кайда,
Бурут кайда, жоо кайда,
Бектигимди чалыңыз,
Беттешерим жоо бурут
Ой, Түктаман чоң балбан,

www.bizdin.kg



Жол көргөзө салыңыз,
Арысландай сойлоймун,
Кагыш кылган бурутуң
Чамам келсе чапчышып,
Каруум келсе кагышып,
Калайманды салайын,
Түгүн койбой бурутту
Түгөл байлап алайын!» –
Деп ошондо Күлчоро,
Түктүү таман балбанга,
Түгөнгүргө жетсем – деп,
Калкына кабар кылдырбай
Кажылдаган капырдын
Кармап башын кессем – деп,
Эрте сөзү кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп,
Күлчоро минтип турду эле.
Каарланып капырың,
Ал Түктаман баатырың
Кайра сынап турду эле:
«Астыңдагы сур тулпар,
Бекер куйрук жал эмес,
Астыңдагы мингениң
Балам, Бээжиндиктин малы эмес.
Айбаның оозу алчактай,
Айбандын түркүм минипсиң,
Саадагың өзү бир кучак
Жыгаштын мүлкүн илипсиң,
Астыңдагы сур атың
Сопол куйрук сом туяк
Согушка минчү мал экен,
Чуу укканда сөгүлөт,
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан бөлүнөт,
Кара байыр казанат*,
Калбыр өпкө жез билек*,
Сойлоктотуп чочкону
Согушка минчү мал экен.
Айтып берчи атыңды,
Билгизип кой жөнүңдү,
Сүйлөп бергин элиңди,
Кайгуулдабыз* өзүбүз.
Кан Коңурбай төрөдөн
Канетсе бурут келет – деп,
Угуп жүрдүк өзүбүз.
Кыргынга кызык чыгарбыз.
Кытай, кыргыздыгыңды
Жыйындардан угарбыз» –
Деп, ошондой дегенде
Жаадай учкан чоң Сурат,
Жагалмайдай Күлчоро
Кызыталак кыйыкты,
Түп этектен алсам – деп,
Шек билдирбей Түктүмү
Тындым кыла салсам – деп,
Кароолдун киймин кийсем – деп,
Кагыш жасап канына
Каканга чейин сүрсөм – деп,
Эр Күлчоро муну ойлойт:
«Оо, ботом, бурулушта тоо кайда,
Бу камалса бурут журт
Түк аба, бизге келчи жоо кайда?
Саксынычта не пайда,
Мындай чылык кезекте
Салышар булут жоо кайда?
Астымдагы чоң Сурат
Асый бээнин кулуну,
Бу чочко атайы жылкы дулдулу,
Атымдын жайын сурасаң,
Кангүрдөн Орго кан чыгып,
Анын кармашынан жан чыгып,
Көнө-Турпан тыягы,
Көмүлгөн Даңдаң быягы,
Барбардын ары бетинде,
Об дарыя четинде
Атагы бурут-кыргыздан
Карача деген кан экен,
Булар жалгыз бээнин кулуну

www.bizdin.kg



Жети тулпар бар экен,
Эң улуусун сурасаң
Кыз Сайкалдын Кылкара,
Андан кийин бир тулпар,
Эр Кошойдун Кабылан,
Көкөтөйдүн Мааныкер,
Кан Манастын Аккула,
Коңурбайдын Алгара,
Береки өзүм минген чоң Сурат
Семетейдин Тайбуурул
Ушу жетөө бир тууган,
Ыргайтынын-Белинде,
Ыргалышкан жеринде
Орго олжолоп алыптыр.
Менин атам Канкүргө
Тартуу кыла салыптыр.
Далай алтын, кызыл зээр*
Менин шорко атамдан алыптыр
Беренжини* байлантып,
Беш-Бээжинди айлантып,
Бек талашкан бул Сурат,
Карабжылды* байлаптыр,
Каканчыны айлантып
Кан талашкан бу Сурат,
Чоң Суратты талашып,
Далай манжу жай болгон,
Чоң Сураттын дүмөгү
Эчен жерге билинген,
Чынмачындын Каканчын,
Туура жагы Бакбурчун,
Улуңчу, Дыңша улуу журт
Улугунун алдына
Ушундай экен Сурат деп,
Улугуна чийилген,
Улуңту журтка билинген.
Канкур минип адашкан,
Таш сайынган кытайдын
Караң калган жыласты
Тазалары талашкан.
Талашканда бербеген,
Алтындан така кактырган,
Абайдан* үртүк жаптырган,
Каран калган Суратты
Бирөөнүн көзү тийер деп,
Караңгы жайга бактырган,
Түк аба, бул айтканың дагы чын.
Бешмалыңдап токуткан,
Мунун сураган калдай чочуткан,
Олжодон келип ат болгон,
Муну сураган адам жат болгон,
Олжолоп Орго келгенде
Кол башындай тай болгон,
Каалап сурап келгенде
Бу канчалык манжуу жай болгон,
Бекер куйрук-жал эмес,
Сенин Бээжиниңдин малы эмес.
Көптүгү кара куруттан
Олжого келген тай экен
Тетиги бурут деген журуттан.
Билиптирсиң, Түк абам,
Бекер куйрук-жал эмес,
Биздин Бээжиндиктин малы эмес,
Бу кыйгач кулак, кыска жал,
Кыргыз менен урушсак
Кырышка минер чоң Сурат,
Кең көкүрөк тайкы жал
Керишке минчүү чоң Сурат,
Менин атам Кангүр чоң улук
Тетиги алыстан келдим тоорулуп.
Таш сайынган канкордун
Тазасынын өзүмүн,
Өзү эмес, кара көзүмүн,
Урунарга тоо таппай
Урушканга жоо таппай
Кечериме ок таппай,
Бузарыма топ таппай
Буулугуп жүргөн эренмин.
Түк аба, мен ашканга тоо кайда,

www.bizdin.kg



Мен урушам жоо кайда?
Үзөрүмө баш кайда,
Чайнарыма таш кайда,
Мурун кайда, тоо кайда
Бурут кайда, жоо кайда» –
Деп, ошентип, Күлчоро,
Шай колдогон шер немең,
Эң акылман даанышман
Эптүү тууган эр немең
Ойдолотуп Суратын
Оозун тартып бурду эле,
Опсуз алдап калмакты,
Күлчоро алдап турду эле,
Каңгүрдөн чыккан калкы бар,
Келген экен бизге деп,
Өзөндү баскан чоң алпың
Алдата турган чаркы бар,
Өзүнчө сүйлөп кытайды
Алдады Чоро каркыбар,
Чиймек болду сызыкты,
Эптүү тууган Күлчоро
Баштамак болду кызыкты.
Кармамак болду балбанды,
Көргөзмөк болду көзүнө
Киши кылбас жаңжалды.
Бек ишенди Түктаман
Баатырлыкка, шерликке,
Чыдап турду Түктаман,
Улуктугун, шерлигин
Сынап турду Түктаман:
Адам, телегейи тең экен,
Оң далысы кең экен,
Коңурбайдан эр экен,
Жойкынадан жоон эли,
Эзкарадан эки эли
Өөдө турган неме экен.
Калдай, шибе журтума
Кан көтөрчү эр экен,
Ааламды буй кылган
Аябаган шер экен,
Белеске мыктуу там кылса,
«Бээжин элге кан кылса,
Балбандыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Кырк уруу кытай калкына
Кан болуучу уул экен.
Каңгүрлүктүн каны экен,
Айтканы типтик, заары күч,
Айтканынча бар экен.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай
Издегени чын экен,
Телегейи, тең экен,
Булкуш кылса бурутка
Буруп берчү шер экен.
Берен да экен, бел да экен,
Белсенип таштап Какандан
Ат арытып, жер чалып,
Тон тоздуруп, эр чалып,
Урунганга тоо таппай,
Урушканга жоо таппай,
Каадасы бар чоң улук.
Бу Какандан келген тоорулуп.
Канзааданын өзү экен,
Өзү эмес, кара көзү экен,
Беттешип менде келеби,
Беттеп адам жеңеби?!
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнсө кыргыз-бурутту
Көмө чаап, жуткудай» –
Деп, ошентип, Түктаман,
Кангүрлүктүн каны деп,
Кашаңчынын журту деп,
Бээжиндиктин эри деп,
Булкуша кетсе бурутту
Бура тартпай жегидей,
Бир жекеге чыгууга,
Канкорду жерге тыгууга

www.bizdin.kg



Желигип калган кези экен.
Чоң балбандын өзү экен,
Чоң салышты көп издеп,
Келип калган кези экен. –
Бу сөздү ойлоп, Түктаман
Каарланбай баштады,
Алтымыш батман* чоюнбаш
Ийнинен алып таштады,
Жай-жарагын жарыштап
Жайына коюп табыштап,
Желиккенде Түктаман
Жеке басып барбайып,
Каканчынын каны деп,
Басып келип дардайып,
Кулду Кудай урду эле,
Кангүрлүктүн каны деп,
Жоо-жарагын ыргытып,
Таажым кылып турду эле.
Качан болсо канаты,
Улугун көрсө кытай журт
Ургаачыча жүгүнүп.
Таазим кылмай адаты.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Келиндерче жүгүнүп,
Таазим кылып турганда
Эрте сөзү кеч болуп,
Алмамбет уулу Чоронун
Башын кесип алууга
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга* жарууга
Суу кайтарган сакчысын
Тындым кылып салууга.
Алмамбет уулу шер Чоро
Он эки мүчө тең чама
Ааламдан башка эр Чоро
Бөрк ал десе, баш кескен
Суу ич десе, уу ичкен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Суу ич десе, уу ичкен.
Жалындан кайра тартпаган,
Ажалдан кайра кайтпаган.
Балбандыгы башкача.
Баатырлыгы бир канча.
Кылычын кынга толготкон,
Бет алышкан душманын
Кызыл канга боёткон.
Артык балбан,өткүр шер
А балбанга кол салып,
Кирмек болду кайран эр.
Атасы Алмаң көкжалдан
Аманат калган Жойкума
Берен Алмаң көкжалдан
Белекке калган кан төгөр
Кармай калып сабынан,
Суурул алып кабынан,
Кыйласынын балбаны
Кылымды бузган дөө* экен,
Кирешти деген шаарга
Кан көтөргөн эр экен.
Көргөн чочуп балбандан
Түктаман балбан дээр экен.
Шай колдогон Күлчоро,
Шамдагайы болжолсуз
Шапа кармай калганы,
Айта-буйта дегинче,
Ачып-көздү жумганча
Баягы Түктаманынын
Чоңдугу тоодой арамдын
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Карылуу кармап алды эле,
Кыймылдатпай, жиндентпей
Башын кесип алды эле,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарды эле.
Кылдай айры шилиге
Кылыч менен салды эле.
Денеси калып, башы жок,

www.bizdin.kg



Балбан жатып калды эле,
Балбан баатыр экенин
Шер Күлчоро билди эле,
Аа балбандын бүт тонун
Кыраан Чороң кийди эле,
Ар жагында сан сакчы
Чиймек болду сызыкты.
Кытай болуп кубулуп,
Кылымда чыкпайт мындай уул.
Баштамак болду бузукту.
Кыжылдаган капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Көргөзмөк болду зордукту,
Кылмак болду кытайга
Киши кылбас кордукту,
Камап келген кытайдын
Тапмак болду эсебин,
Берен экен Күлчоро
Бермек болду эсебин.
Алмак болду кезегин
Баатырлыгы башкача
Баажиги тийди колуна,
Кийми түштү Түктүүнүн,
Күлчоронун жонуна.
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күчтүүлүк тонун кийди эле,
Суу кайтарган сакчыга
Султан Чороң жүрдү эле.
Балбандары башкача,
Желдеттери жети жүз
Мунун эрендери бир канча,
Шек билгенде жабылган,
Адамдын мурду-кулагын
Кесип алып тагынган.
Сакчысына, канына,
Балбандардын алдына,
Конжоңдотуп Сураттын
Тартып оозун бурду эле,
Түктамандай кеп баштап,
Түгөнгөн Чоро турду эле:
Кабар кылды Коңтөрөм,
Ааламды билген зор төрөм,
Кайнап жаткан буруттун,
Бурут деген журуттун
Эсебин эпсиз тааптыр,
Бээжинден жаңы кол келип,
Жер жарылтып мол келип,
Бурутту кытай чааптыр,
Ал Коңурбай – Коңтөрө
Ааламды билген зор төрө,
Ал эрдигин салганда
Акылынан шашыптыр,
Көрүп бурут чыдабай,
Көмкөрүлө качыптыр.
Көөсөр бурут чоң канкор
Качып кордук көрүптүр,
Көмүлүп көп журт өлүптүр,
Кыргын болуп Семетей
Кыргызын олжо бериптир,
Көкжал Бакай эр чыгып,
Айласын таппай шашыптыр,
Айлын кытай басыптыр.
Журтум каны карап кылыптыр.
Кызыталак буруттун
Калтырбай калкын кырыптыр,
Өзү жаман шашыптыр,
Өрттөнүп кеткен бурутуң
Өз дүйнөсүн чачыптыр,
Бизден белсенип Калча басыптыр.
Алтын, күмүш олжо алып,
Жүктөнө албай калыптыр,
Агача келин, сулуу алып,
Биздин Кытай каканчы
Аны уптөй* албай калыптыр» –
Деп, ошондой деген соң,
Таажым кылып жүгүнүп,
Кароолчусу, сакчысы,
Катылышкан жан болсо

www.bizdin.kg



Кайра тартпай кырчуусу
Аңтаң калып жүгүрүп,
Таажым кылып турду эле.
Эки жакты караса,
Эл аманын каалаcа
Түктамандын өзү экен,
Өзү эмес, кара көзү экен,
Үстүндөгү кийгени
Түктамандын кандагай*
Өзөндөгү сакчылар
Өз улугум келди деп,
Кыргыздын баарын кырды деп,
Кырып олжо кылды деп
Кырк уруу кытай калың эл
Кыргызды талап турду деп,
Аны ойлоп сакчылар
Алдатышты Күлчорого
Жаанамдан шок экен,
Чылгый бала Күлчоро
Кулагы угуп, көз көргөн
Мендеде мындай жок экен.
Алтымыш сакчы балбаны,
Таажым кылып таанsocialбай
Чорого жетип калганы,
Алтымыш балбан чуркурап,
Таажым кылып турганда,
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Күлчоро жайын сураба,
Айзага адиз даңкул,
Айбалтага камбыл эр
Кылычын кыйгап алуучу,
Кызырканып оолукса,
Кылымга кыргын салуучу,
Ай-ааламдан эптүү кул
Кылычты кындан алды эле,
Алтымыш сакчы балбанды
Такыр кырып салды эле,
Өзүң көргөн өзөнду
Ээн кылды өзөндү,
Эпсиз эрлик шер болгон
Эр Күлчоро көзөлдү.
Бозала желек туусу бар,
Бурган бурма суусу бар.
Сууну байлап таш кылган
Кара курттай калкы бар.
Катылганды буй кылган
Момундай кытай, каркыбар.
Таштан токуп ноо кылган,
Айланасын зоо кылган,
Айза сайса батпаган
Алалбай душман жадаган
Тегерегин чеп кылган,
Теги ошондой бек кылган,
Жоолоп адам барбаган,
Жолоп душман албаган,
Сууну буруп көл кылган,
Суусатып кырып салам деп
Кечилдин каны Коңурбай
Акыл ойлоп, дем кылган.
Кайың, талдан кыйдырып,
Кашатын тоодой жыйдырып,
Кырк уруу кытай чогулуп
Кымбаттыгын тоо кылып
Алам деп адам барбаган,
Караң калган жыласты
Караган менде таң калган,
Бурган-Суу деп ат коюп,
Бузуктуу дүмөк атыккан
Көк күбөнү жамынып,
Көрсө мыктуу Коңурбай
Көк арыслaндай чамынган,
Кара-Буура баткалда
Кабардан бирөө келер деп,
Камап кытай жатканда
Берен туулган Күлчоро
Бек жерин бузуп жол салып,
Берен экен Күлчороң

www.bizdin.kg



Камап жаткан капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Таш байлоосун талкалап,
Кум байлоосун сулатып,
Кургуруң салды кызыкты.
Талын сууруп уратып,
Такыр тозгон чоң сууну
Кыжылдаган кытайдын
Өз колуна кулатып,
Байлоосун бузуп таптатып,
Мелтиреген дайраны
Кытай колун каптатып,
Кызыкты Чоро кылды эле,
Кыжылдаган кытайды
Кыргын кылып кырды эле.
Аламын деп бурутту
Аңдыбай уктап жатканда,
Кай бирөөнүн аты бар,
Кайсы бирөө бейкабар.
Туу түбүнө тургандар
Ой, бурут журт жерге кирсин деп,
Кайсы бирөө бейкабар,
Теңшерибей кеп кылбай,
Кебелбей уктап жаткандар
Бежилдеген капырдын
Кайсы бирөө бейкабар,
Ыштан салды кылышып,
Суу каптаса дүрбөшүп,
Ыштан салды кылгандар
Ычкырына мүргүшүп,
Уудураңдап калышып,
Урушту эске алышып,
Катуу шашып турушуп,
Жоо кайдалап шашкандан
Бир-бири менен урушуп,
Кыйла дүмөк кылышып,
Бирөөн бирөө тааныбай,
Эченин өлүм кылышып.
Алек болуп жатканда
Бир-бири менен урушуп,
Бадырыңдай калышып,
Тааныбастан ал кытай
Бир-бири менен салышып.
Таң кашкайып сүрдү эле,
Жерге жарык тийди эле.
Тозогун тоодой буратып,
Булуттай учкан чоң Кара ат
Кайран Калча чуратып,
Тоодой болгон Коңурбай
Дөбөгө чыга калды эле,
Калкына кабар салды эле.
Эр Калчанын жанынан
Коңгуроо бекем кагылып,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрү жабылып.
Чыңыроон* тартып жез найдан,
Чымчык учпай кең сайдан,
Жоо кутулбай айзадан
Эл кутулбай айладан.
Добулбас* бекем кагылып,
Кожураган көп улук
Түгү калбай дүңкүрөп
Түп көтөрө Калчага,
Түгөл жетти күркүрөп.
Калың кол жетип келгенде,
Калчанын түрүн карасаң,
Алкарасын алкынтып,
Ээсиз калган каранды
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Чоң өтүк бутта чойкоюп,
Чоң айза колдо койкоюп,
Бадана* тону балкылдап,
Шуру отого* маржан таш*,
Тоту куштун куйругун
Токсон түрлөп сайдырган,
Төбөсүндө жаркылдап*
Темингиси* телпилдеп.
Жолум үйдөй* кара чач

www.bizdin.kg



Бул жолуң каткан Калчанын
Айдалыда селкилдеп.
Ачуусуна чыдабай,
Алтын айлуу сыр канжа
Сорсо оозунда коркурап,
Кол ыштыктай түтүнү
Коё берсе буркурап.
Алты миң кытай сан калдай*
Ал Калчанын жөкөрү,
Айласын таппай чуркурап.
Бу Калчанын түрүн көргөндө
Манжулары жүгүнүп,
Ботом, жалаң кара букара
Кан эмине көрду деп,
Кайран жандан түңүлүп.
Эр Калча жайы ушундай,
Бу каарды катуу баштады,
Калың тыргоот, көп шибе
Толгон кытай манжууну
Соруп ийе таштады.
Коңурбайды көргөндө
Кол токтобой жайнады,
Каарланган абаңдын
Кан ичмеси кармады,
Кандан катуу күч чыкты,
Бедеринен Калчанын
Менде чыдап турабы,
Беш байпактык түк чыкты,
Коңурбай түрүн карасаң
Ааламга тутка төрөдөй,
Аалам журтту кол менен
Итиң талкандай чалчуу эмедей.
Эң туткагы кармаса,
Эки көздүн кычыгы
Чөлдөн соолгон көргө окшоп,
Аймаңдайы Калчанын
Бай жайлаган төргө окшоп.
Сакалына карасаң
Сарапты* тешип кеткендей,
Каарланса кан Калча
Кылымды кырып өткүдөй,
Толкуп кетсе эр Калча
Тоону түптүз кылгыдай,
Каарланып какайса,
Жаанамдын үстүнө,
Жөн эле жан таштабай кыргыдай,
Мына ошондо Коңурбай жайын
сурасаң,
Чыдай албай күрзү* алып,
Чылгый ичин өрт жанып,
Коңурбай көкжал артык кан,
Тутамга келбей кайран жан,
Туталанып чок болуп,
Манжуусу жандан түңүлүп,
Калдайдын баары токтолуп.
Ачкан оро көздөнүп,
Алгыр бүркүт төштөнүп,
Алөөкөнүн эр Калча
Кол бузулуп качкансып,
Катынын кара баскансып,
Куугунуң чукул куугансып,
Каарланган канкоруң
Какандан катыны эркек туугансып.
Бу колду бүгүн көргөнсүп,
Коржоңдогон чоң манжуу
Атасы Алөөкө бүгүн өлгөнсүп,
Жаны өрттөнүп чок болуп,
Дөбөгө чыгып токтолуп,
Ок өтпөгөн көк күбө –
Эң мыктуу кан бек күбө.
Көк күбөнү жамынып,
Көмөкөй баатыр Коңурбай
Көк жолборстой чамынып,
Талканга кирчү чоюнбаш
Таза байлап камынып,
Көөхардан* топчу муштумдай
Көк аска тоодой Коңурбай
Көрчү болсоң ушундай.

www.bizdin.kg



Куйругу саяң*, жалы аз
Бу кутургурдун Караты.
Кулан кууса куткарбас,
Бу кууган жоого болгон маш.
Мунун түрү тулпар Кара атын
Туранын түбү көпкөк таш
Бу Калчанын Кара аты –
Мунун капталында канаты.
Бу кырк күнчүлүк чөл болсо,
Суу ичпеген адаты.
Ирмегенине жан жетпес.
Буга чуркаганына мал жетпес.
Асмандагы канаттуу куш болбосо,
Капырынын Кара атка
Андан бөлөк жан жетпес.
Өзү кара, көзү сур,
Өңкөй тулпар чоң Кара ат.
Кара болот ооздук
Карсылдатып чайнатып,
Кылымдан чыккан кырк төрө
Кара аттын оозун каматып,
Каары жаман Коңурбай
Адам, калың элге таратып.
Манжууларын бакырып,
Баатырларын чакырып,
Ускалуусун бакырып,
Улуктарын чакырып,
Күрмө кийген кандары,
Таш сайынган тазасы
Такыр келди аадагы.
Күрмө кийген күчтүүсү,
Бадана* кийген баатыры,
Адам тилин билбеген
Жалгыз көздүү капыры.
Улуктары, шерлери,
Бу кытайдын ушунча мыктуу эрлери
Каарланган капырга
Калың эл келип турду эле.
Кан Коңурбай баатырга,
Улугу толуп Дыңшага,
Журт чогулуп мынчага.
Кандан буйрук келер деп,
Кандын каары кармаса,
Калың журт тегиз өлөр деп.
Капа болуп, журт дүрбөп,
Коң төрөнүн алдына
Журт жыйылып турду эле.
Мына ошондо Коң төрө:
«Атаңдын көрү, кытай журт,
Кече кырк эшиктүү Бээжиндин
Бир эшигин ачканда,
Журт кырылып кетпеске
Күл азыктан* чачканда,
Берген алтын муштумдай
Бет алганды соёр деп,
Белиме таңуу болор деп,
Кол тандаттым ушундай.
Кырк кан эли кытайды
Кылчайбай жыйып алганда,
Калкымды бурут алды деп,
Тегиз айдап калганда
Калдайың бар, каның бар,
Калың журтум баарың бар,
Каканчынын Бээжиндин
Сынчы сынап каттырдым,
Сынга толгон эренден,
Сыйрымга жарар беренден,
Кара мылтык карс этсе
Качпай турган көзөлдөн,
Чогоол мылтык чорт этсе
Чочуп кетпес беренден,
Ааламдан чыккан ыктуудан,
Кырк уруудан мыктуудан,
Кырышка келген балбандан.
Бурут алган жылкымды,
Бузуп кеткен уйкумду,
Угат ко деп кебимди,

www.bizdin.kg



Алат ко деп кегимди,
Айдап келдим бул жерге,
Мен Бээжинде турдум жер жайлап.
Беттешерим бурут деп,
Бейлесең боло бул ишим
Кыркалыш журтум, калың эл,
Мен айдап келдим бел байлап,
Суу бекиттик таш кылып,
Ага кароол туруута,
Сууну буруп кыруута,
Суу кайтарып турууга
Түктаманды баш кылдык.
Суу бекиткен белиңди,
Сууну өзүңө каптатып
Кыргыз кырды элиңди.
Мадаң-шадан Түктаман
Балбандыгы башкача,
Анын баатырлыгы бир канча,
Улук эле, кан эле,
Тоону талкан кылуучу
Ушунча күчү бар эле.
Суу кайтарган бел эле,
Бээжинден чыккан шер эле,
Белге таңуу эр эле.
Баатыр балбан Акаяр!
Балбандыгың бир далай,
Алты күлүк ат менен
Аман бекен Түктаман,
Азыр көрүп кат учур
Кат учурсаң бат учур,
Беделиңди салбай кел,
Алтымыштай аяр* бар,
Бурган сууну кайтарган
Мынча балбан далай бар.
Бирөөнү койбой баарын көр,
Бээ саамына кечикпей
Берениm Аяр, кайра кел!» –
Деп, өшөнтүп, Коңурбай
Акаярды жүргүздү.
Акаярдын алдына
Тору айгыр экөө бир тууган
Кылгараны мингизди.
Алакандай кат жазып,
Ал Акаяр балбанды
Түктаманга жүргүздү.
Калк байлаган Бурган-Суу –
Канча күч кеткен курган суу.
Таштан жыйып, тоо кылган,
Кырк уруу кытай буруттун
Кыйынын кармап жайлаган,
Тал, карагай, теректи
Такыр кыйып байлаган,
Таштан оюп кат койгон,
Бузуп адам албайт деп
Бурган-Суу деп ат койгон.
Айланасын тоо кылган,
Талдан токуп коо кылган.
Бек айза сайса мадаган,
Көрүп калган душмандан
Жүрөгү түшүп жадаган.
Тегерегин чеп кылган,
Кылым бузуп ала алгыс,
Беттеп менде баралгыс,
Беттеген тирүү калалгыс
Деги ушундай бек кылган.
Ошол кезде Акаяр
Кезиккенди соём – деп,
Өлүм кыла коём – деп,
Кабылганды кармайм – деп,
Чыркыратып келгенде
Кармап алып жайлайм – деп,
Ал Түктаман шерт кылган,
Убаданы бек кылган,
Капыр менен мусулман
Уруштун жайы ушундай.
Өзөндө сакчы Түктаман
Салып жетти Акаяр,
Салып жетип караса,

www.bizdin.kg



Калк аманын кааласа,
Жоболондуу Таманды
Жолдон кармап алыптыр.
Жолуккан экен бир баатыр,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарыптыр.
Кабыргасын сөгүптүр,
Кармап канын төгүптүр,
Бурган-Сууну талкалап,
Кытай көздөй буруптур,
Кароолдогу аярды
Кызыл ала кылыптыр.
Ишенген Түктамандын
Денеси калып, башы жок,
Өлгөн экен сырайып,
Кароолдогу аярлар
Өлүп жатат тырайып,
Кашаттагы сакчылар
Кулап жатат тырайып,
Эсепсиз балбан өлүптүр,
Өлгөнүн Аяр көрүптүр,
Шашып Аяр күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Кызыталак буруттун
Кыядагы сакчысы
Кылып салар бекен деп,
Коң төрөгө жеткизбей
Кылып салар бекен деп,
Өңгүл-дөңгүл жер экен,
Өңгөчө тажаал эл экен,
Кызыталак бул бурут
Кармай салар бекен деп,
Эки көзду тең чукуп,
Эки колду тең байлап,
Кызыталак бул бурут
Жайлап салар бекен деп.
Чаткалдагы сакчынын
Чачы калган булайып,
Өндүрдөгү балбаны
Өлүп жатат тырайып,
Муну көрүп Акаяр
Ашып-шашып күйүнүп,
Өрөпкүгөн куу бурут
Өлтүрүп түпкө жетет деп,
Өз жанынан түңүлүп.
Эки жагын карабай,
Эл аманын каалабай,
Эпсиз шашты Акаяр,
Ашып-шашып күйүндү,
Аманат жандан түңүлдү,
Өрөпкүгөн куу бурут
Өткөрө эрдин бири экен,
Колума кире качкыча,
Өрөпкүгөн бул бурут
Өлтүрүп кетер бекен деп,
Жалынганда жан койбой,
Кармап башты кесет деп,
Тыйпыл кылып балбанды,
Сыйпап кырып кетер деп,
Өзү мыктуу эр болсо,
Өлтүрүп түпкө жетет деп,
Кылкара оозун бурду эле,
Кытайга кире качууга
Оңтойлонуп Акаяр
Оң таппагыр турду эле.
Ээр белдей белестен
Айырмачтай акыздан,
Ат өтпөгөн жабыздан,
Тоо түгөнгөн урчуктан,
Томурайган тумшуктан
Калдайып чыкты бир караан,
Ок өтпөгөн тон кийген,
Ок жетпеген ат минген,
Кынсыз кылыч байланган,
Карагайдай айза алган,
Мурдатан жоого шайланган,
Көк сүлөөсүн бөрк* кийген,
Көк ала калкан ойногон.

www.bizdin.kg



Бет алганды койбогон,
Ичсе канга тойбогон,
Бакай баштап сан киши
Ар жагынан былкылдап,
Манас баштап миң киши
Чаткалдан чыкты былкылдап,
Жаадай Сарала ат минген,
Жакуттан* жабдык салынган.
Сары жаргак шым кийип,
Түпөгү* жок айза алган,
Кынсыз кылыч байланган,
Каар бетине айланган,
Алмамбет баштап алты жүз
Адырда келет чуркурап,
Көк ырапыс тон кийген,
Көкала тулпар ат минген,
Алышып адамдын алы жетпеген,
Арыслан тиши өтпөгөн,
Кыргыздардын кырааны
Акбалтайдын Чубагы.
Жеке белин курчанган
Жети милек* кол келсе,
Жер жарылтып мол келсе,
Жеке кирип кол салган,
Сайышта жеке ыктаган
Чубактын жайын укканда,
Ааламды буй кылган
Чунактын жайын укканда,
Бастырып адам барбаган.
Койгулашып жоо келсе,
Коёндой жерге ыктаган.
Айзасын канга чыктаган
Эрдиги эпсиз мыктаган.
Бастырып адам барбаган
Атактуу казат жаңжалда
Кытайдын кыр төрөсүн байлаган
Кыргактуу айза сур желек
Ач айкырык, куу сүрөн,
Ак балтайдын Чубагы
Адырдан чыкты кармалап.
Ант ургурду байлалап.
Ай Сарала ат менен,
Астыда Алмамбет келет алгын – деп,
Кармачы болсоң чочкону
Тындым кыла салгын – деп,
Кутпа* жагын карасаң –
Атка жеңил тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку албаган,
Кара болот Кыргагы
Кан Манастын Сыргагы,
Карма кулду карма – деп,
Кармачу болсоң жайла – деп,
Ач арслан төштөнүп,
Түн жалаңгыч көздөнүп,
Серек, Сыргак эгизи
Ааламды бузган теңизи,
Алмамбет, Чубак эгиз эр,
Ажыбай, Бакай эгиз кан
Айкайлатып салыптыр,
Ачууланып эрендер
Бек качырып калыптыр,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы
Кылча жанын аябай
Кызык каптап баарысы,
Кыргын тийген эмедей
Кыргыл баштык карысы
Мына ошондо Акаяр
Турган жери коо болуп,
Кирпиги миңден жоо болуп,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Өлүп калган кыраандар
Тирүүсүндөй көрүнүп,
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Боконо жүрөк болкулдап,

www.bizdin.kg



Бокту ичеги солкулдап,
Дене бою дүрүлдөп,
Шаштысы кетти Акаяр,
Жаман шашты зирилдеп,
Кылкарага камчы уруп,
Кылчайбай качты Акаяр,
Чоң кара атка камчы уруп,
Жаман шашты Акаяр,
Көзү кетип алактап,
Буту кетти салактап,
Сакалы кетип бириндеп,
Устукан сөөк, дене бой
Бирөө калбай зирилдеп,
Калдайдын уулу капырга,
Качып барып Акаяр
Кан Коңурбай баатырга,
Манжуусуна канына,
Каканчынын белине,
Кайнап жаткан элине,
Дыңшасына, канына,
Бээжиндиктин алдына.
Көп сүйлөбөй, тил айтпай
Тилден калып Акаяр.
Коң төрөнүн алдына
Кара тилин кайрады,
Кайра тартпай сайрады.
Мына ошондо Акаяр
Акыл салды бир далай.
Балбан дүрбөп, күйүнүп,
Эл жанынан түңүлүп,
Эр Акаяр алдына
Эл чогулуп, чуу туруп.
Эл жыйылып турду эле,
Көргөн менен туйганын
Айтып берди Акаяр.
Кара тилин кайрады,
Кан алдында сайрады.
Жазы жаак, жалпак тил
Жаңылбаган Акаяр
Жаң-жуңга айта салганы.
Каруусу толук кабырга
Кан Коңурбай баатырга
Кылкара оозун бурду эле,
Көргөн билген кабарын
Көрүнөө айтып турду эле,
Бурган-Суунун өзөнгө
Барып журтум, кааладым
Бар элиңди карадым,
Түктаманың өлүптүр,
Өлгөнүн Аяр көрүптүр.
Өзөндөгү балбаның
Такыр өлүп сырайып,
Капка баккан кандарың
Кулап жатат тырайып.
Өндүр толгон балбаның
Өлүп жатат тырайып.
Кароолчуңан кан өлүп,
Суу кайтарган балбаның
Сулап жатат баары өлүп.
Түктаман баштап жан өлүп,
Каным, түгөнүп кандын баары өлүп.
Кыр-кырыңды чалдырып,
Кыраан алптын баарысын
Кыргыз кулга алдырып.
Жан-жаныңан чалдырып,
Жаңжулардын баарысын
Бул буруткa алдырып,
Кызыл айза жөлөптүр,
Кыраандарды Күлчоро
Кыпкызыл канга бөлөптүр,
Талкалап башын жарыптыр,
Тыйпыл кылып тазалап,
Такыр кырып салыптыр,
Бел байлаган белиңди,
Өлтүрүптүр өрттөнгүр
Сенин кароолдогу элиңди.
Кокуй, Калча, кол келет,
Кылымга татыр жол келет,

www.bizdin.kg



Ажыбай, Бакай кан келет,
Албан түрлүү жан келет,
Жер майышып кол келет,
Алмамбет, Чубак зор келет,
Улаккандын Сыргагы
Урушка кыраан чунагы,
Кырк чоронун баарысы
Кыргыл баштык карысы,
Кыргын тийген эмедей
Кыйрап келет баарысы.
Каарынан жер козголуп,
Калайман уруш, сел келет,
Ал калың кол ичинде
Ажыдаардай* ышкырып,
Айкөл Манас шер келет.
Көктөн жылдыз тутулуп,
Көп кол камап басарда
Көрүнөө качып кутулдум.
Улук Манас шер көрдүм,
Кудай бетин көргөзбө,
Уруудан бөлөк эр көрдүм,
Бөлөктөрү жанында,
Бөрү Бакай алдында,
Кан ичүүчү салты бар,
Кол алдында кол салчу
Алмамбет, Чубак каркыбар.
Чамынганы жолборстой,
Атышкан аман болбостой,
Жети кылым бөрт келет,
Жер өрттөгөн өрт келет.
Агарып желек туу келет,
Асман жарган чуу келет.
Канкор Манас каны бар,
Калың кыргыз кол болуп,
Каным, каптаган экен абыдан».
Акаяр минтип турганда,
Каарды катуу баштады,
Кан Коңурбай эр Калча
Каарды катуу баштады,
Каары менен көп журтун
Кырып ийе таштады.
Калың тыргоот, көп манжуу
Каарланып эр Калча
Кырып ийе таштады.
Алгаранын оозун
Жайып ийди Коңурбай,
Азар түмөн* көп колун
Айдап жанчып токмоктоп,
Кырып ийди Коңурбай,
Өрттөй көзү жайнады,
Алөөкөнүн Коңурбай
Кан ичмеси кармады.
Тыргоот тыйпыл чогулуп,
Коло бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Кожураган көп улук
Аламан коюп жабылып,
А Калчанын алдына
Жоо кайдалап жабылып,
Жолу болсун көп манжуу,
Балбандары турду эле.
Алөөкөнүн Коңурбай
Ажыдаар түрлүү эр Калча
Колдун баарын чакырып,
Эрендерди бакырып:
«Түктаман өлдү, каның өл,
Түп көтөрө көп кытай,
Түгүң калбай баарың өл!
Ороңдогон эриң өл,
Кайра тартпай эриң өл,
Кармашарым бурут журт,
Кагышарым Семетей.
Алышарым Күлчоро,
Басташканым Бакай эр.
Билсең мынча колум бар,
Береки турган Акаяр
Түбү бурут түгөнгүр
Түз болгурду карачы,

www.bizdin.kg



Манас баштап сан киши
Каадыдан чыга калды деп,
Кара жолтой Аярдын
Калп айтканын карачы!
Кечээ, кең Бейжиндин баткалда,
Ажыбай болуп кароолу
Амаз окуп жатканда
Сеждеге* башын койгондо
Аңдып жолун чалгамын,
Кыл аркалуу жүлүңгө
Жан аябай сайгамын.
Ооруп Манас өлдү эле,
Оо дүйнөнү көрдү эле.
Канкор Манас келди деп,
Кара жолтой Акаяр
Мунун калп айтканы бир далай,
Жаның чыккан куу кулдун
Жаңкаганы бир далай,
Алмамбети, Чубагы,
Эр Кожожаш колунан
Шейит болгон Сыргагы.
Кара жолтой Акаяр
Капырлыгын көрдүңбү,
Кайдан келди будагы.
Калдайларым, шерлерим,
Кырышаарым кыйбазы
Өрттөшөрүм бурутка
Бул бурут деген журутка
Ай-ааламды баштаган,
Алышпай кантип калайын,
Ак үйлүү* турса Алөөкө
Атамды союп таштаган.
Айтса Калча кеби бар,
Алты атамдын кеги бар,
Ойрон Манас шер чыгып,
Манаска Бакай тең чыгып,
Ойрондо күлүк баштаптыр.
Оруну туруп оркоюп,
Орко деген балбанды
Ону союп таштады.
Чабылып кеткен бурут журт
Бердөө деген канымды
Бөтөнчө кырды канымды
Аягында кол салып,
Алды Какан шаарымды.
Алсыратып талкалап,
Алган башта барымды.
Уккун журтум, кебимди
Урушуп кыргын чыр салбай,
Албай кантип кетемин
Бул буруттан кегимди.
Кайра тартып Каканга
Тирүү барып нетейин,
Тик киришип урушуп,
Кызыталак буруттун
Түбүнө чогуу жетейин,
Кече Кыр-Кайыңдын оюнан,
Кыл-Эртиштин боюнан,
Каспан-Тоонун бетинен,
Күркүлдөктүн сарысы
Сары-Суунун четинен
Бажыга* жыйган сан карам,
Казыналык түмөн мал
Такыр тийип баштады.
Жылкы баккан кырк балбан
Кылча койбой бир жанды
Кыргын кылып таштады.
Сындырды жаман батымды,
Чолок атка кондуруп,
Жаманатты болтуруп,
Астымдагы атымды,
Мунун атасы тартып кетти эле
Ай-жаңжуңдун Бирмыскал,
Эсенкандын Бурулча
Мен алуучу катынды
Бу кордугу дагы бар.
Жай жаткан элин тим койбой,
Каарды катуу баштаган,

www.bizdin.kg



Алгара менен Карагул
Сакал менен куйругун
Такыр жулду мына бул.
Керилип бузду көчүмдү,
Кызыталак буруттардан
Кантип албайм өчүмдү!
Кагыштан өлдү Карагул
Каканга мыктуу кан эле,
Кааласаң дүмөк мына бул.
Бээжиндеги чоң канга
Беттешкеним темирдей,
Карагул менен Түктаман
Кайран балбан Тагылык
Бул үчөөнү кырдырып,
Каканчындын Бээжинден
Катын кандын элинен
Карыганда Ороңгу
Ушул өлдү буруттан.
Мүшкүл мынча болорбу
Берен өлдү, кан өлдү,
Белгилүү жандын баары өлдү.
Мен Бээжинге тартканда,
Каканга кайра кайтканда,
Жылажынын* тагынып,
Какан кандын Бээжинин
Каны келсе астыма
Соогат сурап жабылып,
Ажалдан мурун өлөйүн,
Ал канкордун уулуна
Алдырып кайра тарттым деп,
Өлбөй тирүү кайттым деп?
Көргөн менен билгенге,
Сүйүнчүлөп келгенге
Не жообумду айтайын!
Миңиң өлүп, бирөөң кал.
Кызыталак бурутка
Кырылышып кайтайын.
Кыргызга келип кайрылып,
Кыйындардан айрылып,
Бурутка келип кайрылып,
Баатырлардан айрылып,
Асман жарган чоң бузук
Көрбөй кантип кетейин,
Кайра тартып каканга
Өлбөй кантип кетейин!»
Деп, ошентип Коңурбай
Кайраттанып дүпүлдөп,
Кайран Калча турду эле.
Асман тиреп, кол толуп,
Аз гана эмес, мол болуп,
Кылымдын баары козголуп,
Бурган суусун бурдуруп,
Сакчыларын кырдырып,
Балбандарды бакырып,
Ардыккандан Коң төрөң
Баатырларын чакырып.
Калайман уруш салууга,
Кызыталак бурут деп,
Кырылышып калууга
Добулбас* бекем кагылып,
Кол чуркурап жабылып,
Айры белес, ач кайкаң
Ааламдын каны Каң төрө
Алгара оозун бурду эле,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Коңурбай салып турду эле.
Эрендерин, кандарын
Эр Коңурбай жыйнады.
Мына ошондо Коңурбай
Кабар салды калкына:
Аламан* салып, колду чеч.
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Жер алдына таптап кет!
Таш короосун талкалап,
Токтобой журт каптап кет!
Кейпи жаман буруттун
Кереге-уугун кыйраткын,
Келин-кызын ыйлаткын.

www.bizdin.kg



Ала чапан кожосун,
Ак селдечен молдосун,
Улукман* Бакай карысын
Уйпап өткүн калың эл,
Бу кыргыздын баарысын!
Качар жолун алгыла,
Кагышты катуу салгыла!
Талас менен Кең-Колун
Тегерете чептеп кет,
Деги койбой бурутту
Баары-жогун өрттөп кет.
Дүмүрүн чукуп казгыла
Топурагын тоз кылып,
Буруттун демин баскыла,
Төшүнө кудук казгыла!»
Мына ошондо Коңурбай:
«Журтум, аяймын деп бурутту,
Бурутуң мени курутту.
Бу куруткан себеби –
Түктү Таман кан өлдү,
Зыйкырчынын баары өлдү.
Бизге кылды кыйын күч,
Алышпай алптан айрылдык,
Ааламда барбы ушул иш?
Берендерин, шерлерин,
Белине таңуу эрлерин
Калдайыңар*, каныңар
Качпай согуш салыңар.
Кыйын болсо бул бурут
Журтум, кыргын тийген эмедей,
Кырылышып калыңар.
Кыйласын кырды алпыңдын
Башкы өлгөнүң Карагул,
Чынмачынга-каканга
Табылабы мына бул.
Атагын көргөн чочуган,
Артык эле, шер эле
Ажайыптан* окуган,
Кат алгандын уулу эле.
Элге четке, жоо бетке
Кол токмоктой уул эле
Бээжиниңе, Дыңшага,
Берен эле мынчага,
Калдайга мыктуу кан эле,
Алышса жанды койбогон,
Өлүп калган Түктаман
Эң күжүрмөн ал эле.
Катын кандан Ороңгу
Далайга чыккан кары эле.
Кечээ Күлчоро сойгон Тагылык,
Кытайдан өлдү көп улук,
Кылымда болбойт бу кылык.
Бузулган экен көргөн түш,
Кыргыздан өлүп кыйла дөө
Кылымда болбойт ушул иш.
Кыйыныңар, каныңар,
Кыргынды кыйын салыңар.
Эрениңер, чалыңар,
Кырк күн тынбай урушуп,
Кыргын тийген эмедей
Кырылгыла баарыңар.
Амызды мыктап алып бер,
Канкордун уулу көөдөктү
Курмандыкка* чалып бер.
Кыраан Бакай, Бөлөкбай
Бул экөөнү жайлап бер,
Кыйын уста кырк калча*
Бул экөөнү байлап бер.
Алмамбет уулу Күлчоро
Ааламдан чыккан шер экен,
Аркы жайы тукумдаш
Бизге жолдош эр экен.
Алөөкө кан, Азиз кан
Аркы атабыз бир тууган.
А да кандын уулу эле,
Мен да кандын уулу элем.
Аламан уруш салгыла,
Айлаң жетсе каканчын,

www.bizdin.kg



Тирүү байлап алгыла,
Башына коок кийгизип,
Кан белгисин билгизип,
Качырдан улоо мингизип,
Өлтүрбөстөн, житирбей
Эки колун тең байлап,
Каканды көздөй жөө айдап.
Текши короо талына,
Чын-Бээжиндин тагына,
Алтын таажым* кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Атасынын жерине,
Таш-Көпүрө шаарына,
Көп манжуунун айлына,
Атасы жарым кан эле
Кан Азиз кан тагына,
Бабаң тагы ушу деп,
Бар кылыгын билгизип,
Жарым кан тагын миңгизип,
Калдайга кабар салыңар,
Кан көтөрүп алыңар,
Өз тукумду коюңар,
Түбү душман бурутту
Түк калтырбай союңар.
Буйрук ушул көнүңөр
Абайла кытай көп манжуу
Менин айтканым кылып бериңер.
Аламан артык салсаңар,
Алмамбет уулу Чорону
Эптеп байлап алсаңар.
Таш-Көпүрө шаары бар,
Манжуу-кытай эли бар.
Сары талдан сайдырган
Багы турат Бээжинде,
Сары алтындан орноткон
Тагы турат Бээжинде,
Уругу кырк кан бир уруу
Эли турат Бээжинде.
Четки-Бээжин атагы,
Журтум, челишпей адам жатабы?
Алып барсаң Бээжинге
Ал Күлчоро эр экен,
Бизге тукум болуучу,
Чайындынын чети бар,
Чай алган тоо кенчи бар,
Алтын казган кени бар.
Түп атасы Чылаба,
Чылаба каран таштаган
Чын кытай журт эли бар,
Алтын казган кени бар,
Бичикте жазган каты бар,
Өз тукуму минсин деп,
Кырк аркан бою зындан* таш
Камап баккан ошондо
Сараланын иниси
Кулансур деген аты бар.
Мынчаны таштап бурутта
Эмине издейт каркыбар*
Ар дүйнөнүн кени бар,
Арбын кытай эли бар.
Ата тек билбей бурутта,
Азып, тентип бу журтта
Канзааданын* тукуму
Кайгырып жүргөн чени бар.
Буркан* жөнүн билгизип,
Жарым кандын алтын так –
Алтын такка мингизип,
Урукту жумша көп кытай
Бир уругун билгизип,
Барабан күү чалгыла,
Чынмачындын чын уулу,
Чын Азизкан тукуму
Чындап Кудай кылганы.
Атасы шайтан Алмамбет
Чылабага ок атып,
Чын кытайды кырганы.
Бээжинден тентип адашып,
Адашып кеткен себеби

www.bizdin.kg



Бээжинде кандык талашып,
Алтын тагын май кылып,
Өз атасы Азизкан
Чет-Бээжинге жай кылып,
Күмүштөн тагын кан кылып,
Атасы жарым кан эле
Күн-жаңжуңду жай кылып,
Эрдиги эпсиз шер эле
Токтоп берсе Бээжинде
Мен Калчадан эр эле.
Кытай милек*, ал жалгыз
Көп дүйнөсүн чачканда
Какандан качып, чыр кылып,
Чынмачындан качканда
Кез келгенин кан кылып,
Катылганын чаң кылып,
Кармашканды дан кылып,
Катуу кыргын баштаган.
Алты миң калдай, кырк төрө
Азоозил канды баш кылып,
Чылаба кандын түркүгү
Буларды кырып таштаган.
Ал Алмамбет көкжалды
Ээлендирген энеси
Уй кайтарган жанында
Түбү бурут түгөнгүр
Маажик деген эмеси.
Какандан качып а дагы
Калың балбан кырылган
Алмамбеттин чатагы.
Кырк уруу кытай каканчын
Жалгыз Албам көкжалдан
Көп кырылган Бакбурчун.
Тууганым болгон душманым,
Ичимде калган бушманым.
Таш сайынган кытайдын
Тазасынын уулу элек.
Таралып качып жүргүдөй,
Кайсы жерде курган жан
Кара кытай тыргооттун
Болбосунун уулу элек?
Көргөн-билген манжуунун
Күчтүүсүнүн өзү элек,
Күркүрөгөн кытайдын
Карарган кара көзү элек.
Кадууга* салган там элек,
Калың кытай каканга
Кол токмоктой кан элек.
Таза кандын тукуму
Такты талак* кыларбы,
Өз журтуна ок атып,
Эл-журтун ошенетип турабы?
Бек эле бейпай кыларбы,
Бурулбастан кол салып,
Бурутту кырып өткүн деп,
Кызыталак буруттун
Түбүнө түптүз жеткин» – деп,
Деп, ошентип Коңурбай
Алгараны жулкунтуп,
Ээлендирип кара атын
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Каарланып, күркүрөп,
Калың манжуу, көп тыргоот
Канча кытай, сан калдай
Жоо бөрүсү Коңурбай
Манжууларын, шерлерин,
Калтырбай какан эрлерин,
Айзага камбыл ыктуусун
Алган экен Коңурбай
Ай-ааламды буй кылып,
Ааламга атагы чыккан мыктуусун.
Калдайларын кандарын,
Камдап чыкты кагышка
Ааламга татыр балбанын.
Кара мылтык карс этсе,
Качып шашып былк этпей
Туу түбүнөн кылт этпей,
Турган жайдан былк этпей,

www.bizdin.kg



Кандуу канга канышчу,
Качпай туруп алышчу,
Кайрандарын бир бөлүп.
Көк темирдей эрдиги,
Көргөндөн кайра тартпаган
Эң эле мыктуу шердиги,
Эсеби жок камбылдан,
Ааламды буй кылган
Аябаган даңгылдан,
Салышка мыктуу камбылдан,
Кайрандарын бир бөлүп,
Калдайларын кекетип,
Калың дүмөк, чоң жаңжал
Калча терең бекитип,
Кайрандарын бир бөлдү.
Көпкөк темир кийинген,
Көк арыслaндай чүйүлгөн,
Жаңжал десе сүйүнгөн,
Жекене* тон кийинген,
Жети милек* жоо келсе
Жеке аралап киргенден,
Адис болуп атышка
Жоонун айласын кыйын билгенден
Кайрандарын бир бөлүп,
Камдады Калча жаңжалды.
Кыргын болсо таңылбас,
Айдын караңгысында
Алты бута* алыстан
Жарты ийненин көзүнөн
Ирмегенде жаңылбас,
Бу дүйнөгө жаралып,
Келгендерин бир бөлдү,
Ирмесе жерден жаңылбас,
Мергендерин бир бөлдү,
Айт дегенде кыйт койгон,
Уу дегенде чуу деген
Жоого беттеп барчуудан,
Жолуккан жоого аянбай
Кагышты катуу салчуудан,
Кармашкан жоону кыйратып,
Такыр байлап алчуудан.
Бирөө миңге тойбогон,
Кез болсо жанды койбогон,
Өзүм баатыр, шермин деп,
Кез болгонду жээрмин деп,
Кагышты катуу баштаган,
Кармаш болсо жөн эле
Жандан кечип таштаган
Балакетмин дегенден,
Маңдайлаша келгенди
Ат-тону менен жегенден,
Жалаяк ооз, жар кабак
Жан чыгарат ойлоп баш
Сыягы жаман заары күч
Катылса жандан жөн эле
Өлдүм ээ деп күдөр үз,
Как ошондой балбандан
Аны бөлдү эр Калча.
Асты менен салды эле,
Анын арт жак жагынан
Темир аркан торчону
Түпкү атасы Чылаба
Чын Какандын каны ошол
Касиеттүү жан ошол
Алышып адам жетпеген
Ошончо согуш болсо да,
Кырк жыл кыргын болсо да
Касиети кетпеген.
Кагыш кылып канча жан,
Кармаш кылып далай кан
Кара тажаал жетпеген
Түп атасы түгөл кан
Түбү түптүү кытай эл
Темир аркан торчонун
Азыгына миң качыр
Ар бир күндө сойдурган
Кагышка катуу кирсин деп.
Амал менен ыктарды

www.bizdin.kg



Артык жакшы билсин деп,
Кагышка каран салсын деп,
Кармаша келген адамды
Кан чыгарбай типтирүү
Кайрандар байлап алсын деп.
Тегиз баатыр кол берип,
Ал баатырдын колуна
Темир аркан тор берип.
Арбагын уккан чочунуп,
Ажайыптан* окунуп,
Амалга мыктап кандырып,
Эр атагын алдырып,
Алышты каптап кеткин деп,
Калайманды салгын деп,
Кагыш кылган буруттан
Бурут деген журттан
Керектүүсүн, шерлерин,
Мыктууларын, эрлерин
Тирүү байлап алгын деп,
Тиктешкениң чоң бурут
Бир балаага салгын деп,
Алмамбет уулу эренди,
Атасы кытай беренди
Ал аламан урушта
Чорону кармап бергин деп,
Өлтүрбөстөн житирбей,
Күлчоро кармап бергенге
Дегенине көнөмүн,
Эр атагын беремин.
Мыктуусун журтка билдирем,
Төбөсүнө таш сайып,
Өзлөрүнө сумбулдун* ташын
кийгизем.
Бул сөздү айтып Коңурбай
Бар адизман колчонун,
Темир аркан торчонун
Тегиз жолго салды эле.
Кара баскан кытайдын
Канча түрлүү калкы бар,

Анын арт жак жагына
Канжаркол* деген калкы бар
Тутанып өлгөн чочкодо
Албан түрлүү алпы бар.
Ал алпынан бир бөлөк
Адам чыдап барбаган
Канжаркол деген каркыбар.
Кармашкан жанды соо койбой
Канын төкмөй салты бар.
Канжаркол жайы мына бул
Бээжин каны каканчын,
Бар атагы Бакбурчун
Баласы мынча бу журттун
Жарчуу канжаркол кылып,
Камдап колун мол кылып,
Чынмачынга каканга
Чын буйругун кылдырган.
Чыркыратып балдарды
Төрт жашарда жыйдырган.
Алтын эшик дарбаза
Азабы мынча байкаса,
Дарбазага каматып,
А балдардын мойнуна
Кытайча кырчоо тактырган.
Бир адамга билдирбей,
Бир кишиге туйгузбай,
Эл көрбөстүн элкин жай,
Каттап адам баспаган,
Караган менде таң калган.
Айланасы чынар бак
Ортосунда алтын так.
Капкараңгы калың бак,
Сейилге чыгар алма шак,
Сейилге чыгып тундурган.
Канжаркол болуп калганы –
Сегиз жаштан чоңоюп,
Кап жаймалап кум куюп,
Жыйырма бир жылга урдурган
Булчуң канжаркол болгон,

www.bizdin.kg



Балбандыгы мол болгон.
Баш ачык акыл калбаган,
Балбанын мындай камдаган,
Эсенкандын тагында,
Сейилге курган багында
Теңи кирпич, теңи таш
Теңшерген кытай кара саат.
Чоң керме жайып учтаткан
Эсенкандын чоң дубал
Үйрөнүп чыкты бекен деп,
Канжарколго муштаткан,
Дубалды туруп урганда,
Кол менен коюп турганда
Колу тамга орногон.
Үйрөнбөгөн баласы
Үч убак андай болбогон.
Барабанын кагышкан,
Канжаркол атак алышкан.
А канжаркол балбанга
Өткөн айдын жайында,
Кыш убак чилде айында
Үйдөй болгон чоң буркан
Кырк кулактуу жез казан
Кыяң казып салдырып,
Адам таппас ой кылып,
Кырктан качыр, кырк өгүз
Кыркы каман, кырк жылкы,
Союп алып той кылып,
Кытайча бичип* кат койгон.
Калк чогулуп, чуу туруп,
Дүмпүлдөктү карс уруп,
Адам таппас ой кылып,
Бодойо деп белги оюп,
Эл жарышып кат койгон.
Эңгиреген чиркинге
Канжаркол деп ат койгон.
Кагышка каалап жетүүчү,
Кармашканды соо кылбай,
Талкан кылып өтүүчү.
Кабылганды буй кылып,
Кан агызып кетүүчү.
Жеңинде кытай каты бар,
Беттеп менде жете албайт,
Канжаркол деп аты бар.
Алыптан мынча кол алган,
Ашкере Калча каркыбар.
Комолу жез найдар
Бурчтан кармап имерди,
Бурутка кыргын салгын деп,
Мурдагы өчтү алгын деп,
Канжар калкын жиберди.
Калк дүрбөтүп, таш күйгөн
Коңурбай салган чоң булук.
Анын берки жагында
Кадимки балбан Жөөкүлүк*.
Жөөкүлүк жайы ушундай –
Аркы атасы Чылаба,
Чылабада чоң зыйкыр
Чоң бичигин алдырган
Калкына кыстоо салдырган
Кагышка катуу керек деп,
Баладан алым салдырган,
Моюнуна балдардын
Кытайча кырчоо тактырган.
Казынада бажыдан*
Бажыга жыйган сары алтын –
Сары алтындан чачтырып,
Зарып кылып дүйнөсүн.
Жыйып алган балдарды
Эркелете бактырып,
Башына дүңкүлдөк, дуутар* чалдырып,
Тизедеги томукту
Тим койбостон алдырып,
Этегине кат койгон,
Жөөкүлүк деп ат койгон.
Кулан кууса куткарбас,
Канаттуу учса кармаган.

www.bizdin.kg



Теке качса терип жеп,
Кармашканды жайлаган.
Адам билген акылдан
Атаңдын көрү кытайда
Байкасаң бирөө калбаган.
Алышка Жөөкүлүгү
Андыздап чуркап жетүүгө,
Айта-буйта дедирбей
Бурутту каптап кетүүгө
Коңурбай кандын бүлүгү,
Калдайдын Жөөкүлүгү,
Анын арка жагынан
Атка оюнчу балбаны.
Алөөкөнүн Коңурбай
Албан түрлүү кол айдап,
Түк аянбай калганы.
Түрлөнгөн кытай балбаны,
Кан Коңурбай капырдын,
Каруусу толук баатырдын
Түрлүү-түрлүү балбаны.
Буу түгөнгөн Калчанын
Ааламга татыйт жаңжалы.
Атка оюнбоз балбаны
Бедээрин көргөн чочуткан,
Ат оюнчу аярды
Ажайыптан* окуткан.
Бээжинден ары беш айлык,
Какандан ары алты айлык
Каптын бери тоосунан,
Суук-Төр деген төрүнөн
Улаңшы-Тейпин көлүнөн
Алтымыш баштуу ажыдаар*.
Ажыдаардын алдынан
Алты сан бала бир барып,
Алты жүз бала бир келип,
Атагын көргөн чочуган,
Чоң зыйкыр дуба окуган.
Таяк алса колуна
Бирөө минди кагуучу
Жоого ылайык бактырган.
Эчен тыргоот, эчен кан
Эр экен деп жактырган.
Кармашты катуу баштачу,
Кырк жыл мүшкүл жоо келсе,
Кыйындап башка доо келсе
Кыргын кылып таштаган.
Согуш жакка даңгылы,
Алышка артык камбылы
Айдап жолго салды эле,
Анын арт жак жагынан
Жаага кылдат ыктуусун,
Адиз мерген мыктуусун
Жер каптатып жайнатып,
Калың колун айдатып,
Айчыгы алтын туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Кол алдында Коңурбай
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Аламан баштап чуу коюп,
Кериней-сурнай тарттырып,
Керикке* ок-дары арттырып
Каарланып топтоду
Кыжылдаган капырдан
Кан Коңурбай баатырдан
Ааламды өзү күткөндөй
Алды катуу кара жер
Калыңынан түткөндөй,
Берен да экен шериңиз,
Бээжинден Калча эриңиз.
Каканчылуу Бээжинге
Ала-Тоодой кан экен,
Коңурбайдын жанында
Алтымыш жайсаң*, кырк төрө
Аркасынан сан кечил*
Такоол болуп калды эле.
Кечилдин жайы ушундай
Кечилдин каны Коңурбай

www.bizdin.kg



Аркы атасы какандын
Калган экен ырымы,
Кежилдеген өрттөңгүр
Чын-Бээжиндин өз уулу,
Кечилдин жөнү ушундай
Ал кечилдин кылыгы,
Катын албай бай болгон.
Калкы катын алганда
Катынынын койнуна
Кечил жатып үч күнү
Калкы минтип той болгон.
Көчүккө дамбал кийбеген,
Ургаачы менен жүрбөгөн.
Мингени ыйык* ат болгон,
Катынга барбай жат болгон.
Өгүзү карып өзү өлгөн,
Өрттөнгүр жайы ушундай
Өлгөндүн малын тең бөлгөн.
Серкесин сетер* көтөргөн
Серпиш болсо камдаган
Мал-башынын баарысын
Ыйык коюп шайлаган.
Көчүккө ыштан кийбеген
Ошо керүүгө салган там экен,
Керишке балбан Коңурбай
Кечилдин мыктуу каны экен.
Каарланып какайып,
Керишчү түрү бар экен.
Алөөкөнүн Коңурбай
Өзү жоонун айласын билген
доңуз ай,
Айзакерден ыктуу кул,
Өзү жоонун айласын
Ашкере билген мыктуу кул.
Түмөндөтүп кол айдап,
Уй түгүндөй кытайды
Түмөндөтө мол айдап.
Жаң-жуңдун журту жабылып,
Калдайдын калкы камынып,
Кара кытай манжуу журт
Аламан салып сабылып.
Жер солкулдап кир болуп,
Жер жүзү менен бир болуп,
Адамдан каптап сел болуп,
Селчелик кытай эл болуп,
Айзанын учу короктоп,
Адамдын башы сороктоп,
Чокмордун башы бөлүнүп,
Адамдын башы көрүнүп,
Ааламга татыр кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Жабылып кытай кол салса
Айзанын башы кагышып,
Адамдын башы чабышып,
Каарлуу колу кылкылдап,
Кайран жандан түңүлүп,
Баарысы катар жүрдү былкылдап.
Адамдын көөнү сөгүлүп,
Союлдун учу көрүнүп,
Качыры көп, төөсү көп,
Качырдай болгон жөөсү көп.
Калдайынан алпы көп,
Жерге сыйбай калкы көп,
Коркуп качып жери көп,
Козголбой турган эли көп.
Каканчылап бакырып,
Калдайлап ураан чакырып,
Чаң түшүрүп, чуу кылып,
Каптап кирди Таласты.
Кырка чийип сызыкты,
Кытайлардын Коңурбай
Кылган экен кызыкты.
Манжуудан илек кол айдап,
Баштаган экен бузукту.
Асман жарган чуу кылып,
Каптап калкы бакырып,
Катуу тозок салды эле,
Какайлап ураан чакырып.

www.bizdin.kg



Жер үстүндө чөптү көр,
Чөпчөлүк кытай көптү көр.
Кумурскалуу куртту көр,
Так эле курттай кытай журтту көр.
Жер жарылып жол болуп,
Жер жүзү менен мол болуп,
Жетмек болду кытай журт.
Таш короону талкалап,
Такыр кырып кыргызды
Кетмек болду кытай журт.
Толкуп каптап эл жайнап,
Тополоңду салды эле.
Толуп жаткан түмөн кол
Жер көрүнбөй калды эле.
Кол алдында Коңурбай
Ата, козголбогон доңуз ай
Жан кыюучу жалаңкыч*
Бир өзүндөй көрүнүп,
Көчүп келген капчаалдын
Жеке өзүндөй көрүнүп,
Толкушуна Калчанын
Тоо туруштук бере албай,
Жайнашына Калчанын
Жаңчу жакын келе албай.
Чапчышканды кер кылып,
Чалыша кеткен мендесин
Өлтүрүп кара жер кылып,
Коңурбай жайы ушундай.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Болоттон кылган чоюнбаш*
Болжолун көрсөң оолак кач,
Артык узун айзасы
Алөөкөнүн Коңурбай
Ашкере мыктуу айласы.
Булгаарыдан тердиги,
Бу ааламда жок экен
Зор Калчанын эрдиги.
Камбыл да экен, шер да экен
Каруусу толук Коңурбай
Бээжинден чыккан шер экен.
Айзасы болот, акыл мол
Аңдысаң Калча мындай чоң,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көрчү болсоң абакең
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Токтой калса эр Калча
Сол жактын кардуу тоосундай.
Толкуп калса Коңурбай
Чоң өзөндүн оозундай.
Мурунү кезен дөбөдөй,
Булкушарды чогултуп,
Кирееге салчу эмедей.
Касабасы* калдайып,
Кар жааган тоонун бетиндей.
Башындагы калканы
Кең-Колдун бир жак четиндей.
Чарпышып чама келеби,
Айбаты артык Калчаны
Чалышып адам жеңеби?!
Эр Калчанын артында
Кара курттай калкы бар,
Ал калкынын ичинде
Киши билбес сөздүүсү,
Байкасаң жалгыз көздүүсү.
Дене бою түк болгон,
Бу кара тажаал ушундай
Бейлесең жанга күч болгон,
Буга беттешкен менде түс болгон,
Мунун көп балбаны дөө* болгон,
Бу Бээжинден чыккан жөө болгон,
Мунун калкында канча сонун ай,
Бу кармашар болсоң Коңурбай
Капырдын түрү момундай.
Он башысы* ороктоп,
Аламан койгон чоң жаңжал
Айзанын учу сороктоп,
Жүз башы каптап жүгүрүп,
Миң башы жандан түңүлүп,

www.bizdin.kg



Толкушу дайра-көл болуп,
Астында Калча шер болуп,
Жер тумандап кир болуп,
Кытайың жер үстү менен бир болуп,
Коңурбайдын алтын түркүк чатыры,
Ааламды буй кылган
Кытайлардын эр Коңурбай баатыры.
Көк ала майдан таш кашат
Көрсөң абаң Коңурбай
Майданга чыга келди эле
Мунун барааны кыйын шаштырып.
Булуттай учкан кара атын
Ойку-тойку бастырып,
Каарланып күркүрөп,
Каарына жан жетпей,
Карай калган адамдын
Бүткөн бою дүркүрөп.
Ак жашылдан кылдырган,
Болоттон тегиз бурдурган,
Торгой көздөн салдырган,
Машаанын мурду батпаган,
Сыр найза сайса тешпеген,
Зулпукор* кылыч кеспеген,
Ашагандан машаган
Бээжинден чыккан кылдаткер
Чоң усталар жасаган.
Арыптап октон сологон,
Коңурбайга жорогон,
Бет алган жоого кийсин деп,
Кармашканды соо койбой
Кырып-союп сүрсүн деп,
Кызылдай канга кийсин деп,
Ок өтпөс тонду жамынып,
Омуроосу курч темир
Коңурбай кийген күрөкө*
Козголуп адам чыдайбы
Эр Калча салган дүмөккө,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Баатырлыгы, шерлиги,
Балбандыгы, эрлиги,
Айла табар ыктуусу,
Эр Коңурбай мыктуусу
Көк ок өтпөс жамынып,
Көрсөң түрү момундай,
Көкжал түрлүү Коңурбай
Көк арыслaндай чамынып.
Адам Калча эр мындай,
Эгем талаа мендесин
Адам жараткан экен ар кандай,
Каарланган Калчанын
Алагай көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Бул ургурдун муруту
Өтөккө чыккан чалкандай,
Канжасында турган кир
Балдар көөлөп жеген талкандай.
Жекеге чыккан тушунда
Желиккен Калча ушундай.
Каарланып сүйлөнсө,
Жер жарылып күркүрөп
Жетсе кыргын кылды деп,
Алакандай көп кыргыз
Коңурбай каарын көргөндө
Ашып-шашып күйүнүп,
Ажыдаардай сороор деп,
Кандай жан тоскоол болор деп.
Каарланган капырың
Калтырбай калкты сорор деп,
Эпсиз кыргыз элиңдин
Кайраттуусу күйүнүп,
Кайраты жок алсызы
Караанынан жан чыгып.
Качып шашып күйүнүп,
Калбай кыргын болдук деп,
Кайран жандан түңүлүп.
Эр Семетей баатырдын
Болот эшик дарбаза –
А дарбаза ичинде

www.bizdin.kg



Айланта тиккен чынар бак,
Ал чынар бак ичинде
Терең үйгөн төөдөй так,
Төрт бурчунда төрт коргон*
Оңой эмес ойлоп бак.
Каттап адам барбаган,
Караган менде таң калган.
Кароолу бар, сакчы бар.
Тегереги балбандан
Бек кайтарып бакчуулар,
Кароолдо турган каны бар,
Кайтарган кыйла жаны бар.
Желдеттери жети миң,
Так оозунда капкачы
Ал капканы кайтарып,
Карап жаткан бакмачы.
Кароолдогу шерлери,
Кайраты мыктуу эрлери
Казатта тулпар* ала баш
Камоо көргөн көп калык
Мында аргын, кыргыз аралаш.
Эрендери, шерлери
Албан түрлүү эрлери.
Каптаган кытай калктарын
Качып шашып журт дүрбөп,
Каптаганын көргөн соң
Каарды катуу баштаптыр,
Семетейдин чоң ордо
Эл чуу туруп чуркурап,
Эми кыргын болдук деп,
Эстен талып буркурап.
Эл чуу туруп, арыз болуп,
Алтын тутка чатырга
А Семетей, Күлчоро
Кыргызга тутка баатырга
Ак селдечен кожосу,
Даанышмандын молдосу,
Аксакалы карысы,
Ушунча журттун баарысы
Добулбасты урду эле.
Эр Семетей, Күлчоро
Эл коргону баатырга
Кытай каптап келди деп,
Кабар айтып турду эле,
Журт чуркурап, чуу туруп,
Дүңкүлдөк катуу урулуп,
Барабан катуу кагылып,
Кол эсинен жаңылып.
Калың кыргыз, көп аргын
Калбай үркүп чуу туруп,
Эр Семетей баатырга,
Эл коргону эренге,
Эр Күлчоро беренге
Калың эл барды камалып,
Журт чуркурап муну айтат,
Менде көргүс шумду айтат:
«Айзага таккан желегим,
Айкөл Манастан калган белегим.
Туу казанат туягым,
Туйгундан калган чырагым,
Казылган калың ор келет,
Кайнаган калың кол келет,
Кайран жанга зор келет.
Кыймылдаган бел келет,
Каптап кетер сел келет.
Катуу мүшкүл эл келет.
Казылыптыр калың ор,
Кара таандай быжылдап,
Каптап кетти калың кол.
Атаң Манас шер эле,
Аргын менен кыргыз журт
Атаңдан калган эл эле.
Айгайды арбын салыңыз,
Калың кытай калкынан
Баатыр, каалап келдик астыңа,
Ажыратып алыңыз.
Кумурска келет, курт келет,
Курттай жайнап журт келет,

www.bizdin.kg



Жер жайнаган эл келет,
Каптап кетчү сел келет,
Айгайды арбын салыңыз,
Каарлуу кытай колунан
Арачалап алыңыз.
Деген сөзгө көнүңүз,
Корголотпой элиңе
Коргон боло бериңиз.
Айгайды арбын салыңыз,
Кара курттай капырга.
Кан Коңурбай баатырга
Ажыратып алыңыз.
Эрдигиң бар күлкана,
Колуңдагы кыргызың
Атаң Манастан калган букараң».
Деп, ошентип, калың эл,
Калк чуркурап турганда
Баякы Манастын уулу Семетей
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Атасы Манас көкжалдан
Артык туугаи Семетей
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Каарланып көз жайнап,
Кан ичмеси бек кармап,
Кармашарым Каканчын,
Байлашарым Бакбурчун.
Калың журтту чуулатып,
Тирүү туруп нетейин!
Камап келген манжууга,
Өзү тийген өлгүргө,
Жаңжал сүйгөн капырга
Жабылтып чогуу кол айдап,
Камаган Калча баатырга,
Камап кытай келгенде
Калкымды кантип берейин!
Кутурган окшойт куу кытай,
Мен бир кырылышып көрөйүн.
Кызырлуу башым барында
Кыйрымды кантип берейин!
Жабыла келген жаңжунга
Жаң кыйышып көрөйүн,
Кытайдын колу эл болуп,
Кыргыздын колу жер бекен?
Чымчышканым Чынмачын,
Кытайдан кыргыз кем бекен?
Кармашаарым каканчын
Кармашпасым жөн бекен.
Каптап келген калмакка
Калкымды кантип берейин!
Кара курттай журт менен
Кырылышып көрөйүн !
Айза кармап, топ бузуп,
Буйрук жетсе окко учуп,
Дүйнөдөн өлүп Семетей
Анан журтум берейин!
Кызыккан окшойт кытай журт,
Кырылышып көрөйүн.
Алты ай тынбай чабышып,
Айзалашып кагышып,
Жабыла уруш кылышып,
Аманат жанды кыйышып,
Жанды таштап урушуп,
Бөлүңгүлө эр, балбан,
Кызыгып келген кытайга
Башташкыла чоң жаңжал.
Баатырың чык, шериң чык,
Балбаның чык, эриң чык!
Кыйла улукман карыңар,
Кытайга элди бергенче
Кырылгыла баарыңар!
Улугуңар, шериңер,
Уруш кыла бериңер.
Кабарман өлсүн, кан өлсүн,
Кармашкан журттун баары өлсүн!
Кыйла узактуу карыңар,
Журтум, кырылгыла баарыңар!

www.bizdin.kg



Өлбөй аман болгонуң
Тулпар тандап мингиле,
Тургузбастан кытайды
Бээжинге чейин сүргүлө!
Калтырбастан Калчаны
Кармап канын төккүлө,
Быжылдаган кытайды
Кыргынды кызык салалы,
Беттеп келген Бээжин журт
Бет алышып калалы.
Аркы Бээжин чоң Какан
Атам чалган жол экен,
Каканчынды, Бээжинди
Канкор атам Манас шер
Ала келген кол экен,
Кытай камап кыргызды
Кудайдын кылган иши экен
Алмамбет, Чубак арысландар
Казатта карап турганда
Коңурбай кайсы киши экен?
Бет алышып турушкан,
Бээжин менен урушкан.
Күчөп келген кытайды
Күлдөй кылып чалалы,
А дүйнө кеткен шерлердин
Ушул быйыл кегин алалы.
Ок өтпөстү кийгиле,
Бет алышып урушуп,
Бээжинге чейин сүргүлө».
Деп, ошентип Семетей
Ак олпокту жамынып,
Арыслaндай чамынып,
Алышаары Коңурбай
Асылың чыкты камынып.
Манастын уулу шер неме –
Түп атасы түгөл кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Башкы атасы Манас кан
Башынан Кыдыр* даарыган.
Сондуктун суусун бойлогон,
Согушкан жоосу жойлогон.
Канкор шердин тукуму
Буурулду минип булкунтуп,
Ээлендирип жыласты
Эри өлгөндөй жулкунтуп.
Таамай тулпар* бууданды*
Алтын така кактырып,
Ок жаңылып кетпеске
Абай* менен жаптырып.
Толу бойду топчулап,
Толук жүздүн баарысын
Көк темир менен бүчүлөп.
Топчулугу бир тогуз
Топчуланып шайланып,
Үпчүлүгү бир тогуз
Бүчүлөнүп шайланып,
Жоо-жарагын шайланып,
Манастан калган Зулпукор*
Зулпукорду илди эле,
Алтын жаак айбалта
Ач билекке салды эле.
Атасы Манас айкөлдүн
Алып калган Аккелте*
Мурунтан кеткен Манастан
Мурага* калган Аккелте
Ай далыга илди эле.
Ак олпокту кийди эле.
Манастын уулу кыраанын
Алчайып атка минди эле,
Урунары көп кытай,
Урушаары Коңурбай.
Качырганы көп кытай,
Кармашары Коңурбай.
Сундурганда жаңылбас,
Алтымыш күндө бузулбас
Артык болот Алмабаш*.
Ыраак жоого ылгабас,
Беттеп жоого атканда

69*

www.bizdin.kg



Алтымыш күнгө бузулбас.
Ойногондо Очогор*
Чындап соксо Аккелте.
Кыргын качса Койчагыр
Кабылан мазал болуп,
Канкор Бакай кан болуп,
Талыгып көчүп конуштан
Кечээ алтымыш орус жер ченчи
Баарысы жайдак жүрүшүп,
Булар кулундуу бээсин минишип,
Жер кайкып чыгып келгенде
Башы болот уюлу,
Орчун журтка кол салып
Тартып алган Аккелте.
Бая баатыр орус буюму.
Мында беттеп киши бара албайт.
Бет алган жоого атканда
Ок чаңырып, жер жарып,
Ботолуу төөдөй күркүрөп,
Аккелте үнүн укканда
Душман каччу дүркүрөп.
Капталып огу тийгенде,
Кармам сөөгү табылбай
Канча кан талкан болчу эле.
Кабылса огу карандын
Ажыдаардай сорчу эле.
Дөөтү менен дос эле,
Болоттоп ичин толгогон,
Кайран уста Бөлөкбай
Жоого болжоп оңдогон.
Асынганы Аккелте,
Айдаганы он төрт ат.
Чарпышаары Коңурбай,
Чалышары көп кытай.
Орто Кең-Кол жайлаган
Арбуурулду байлаган,
Атыша чыга жоо келсе,
Астыга салып айдаган.
Ачуусуна тийгенди
Астыга салып айдаган,
Азууга салып чайнаган.
Беттеп адам барбаган,
Бек арсылан шер ошол,
Бет алган тирүү калбаган.
Себил* тону сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.
Белгилүү тону бештен төрт,
Бет алган жагы кызыл өрт.
Кагыштан кайра тартпаган,
Кармаштан кайра кайтпаган.
Кара суугa кан куйган,
Өлөңдүү жерге өрт койгон.
Тулаңдуу жерди тутанткан,
Сары өзөндү кан кылган.
Өчөшүнө тийгенде
Өз атасын жайлаган.
Кан ичээр канкор тукуму
Дарбазалуу ордодон,
Айчүрөктүн коргондон
Арыслaндай таптанып,
Арбуурул менен Семетей
Казатка чыкты аттанып,
Барааны тоодой көрүнүп,
Байкап турган душмандан
Көңүлү жаман бөлүнүп.
Баатыр да ошол, шер да ошол,
Кабарында бар бекен.
Канкор Манастын уулу эр да ошол.
Көргөндө көңүл бөлүнүп,
Көрүүчү болсоң көкжалды
Көк сеңир тоодой көрүнүп.
Касаба колдо калкылдап,
Уңгусу болот, учу курч
Учмактуу болот сыр найза
Берендин ал колунда жаркылдап.
Бая алтын жаак айбалта
Ал колунда жаркылдап.
Алтындаган жан калта

www.bizdin.kg



Сол жагында шарпылдап.
Өкчөлүү* өтүк, жаргак шым
Өкүм султан* чоң канкор*
Теминсе бутта шартылдап.
Бая жоо-жарактын баарысы
Бая албан түрлүү жаркылдап.
Калчадан кегин алууга,
Кызыгып төрө аттанды
Кытайга кыргын салууга,
Бая кыямат кеткен Манастын
Моминтип кунун алууга
Ордодон төрө аттанып
Ата, козголбогон курган шер,
Коржондогон кайран эр,
Кыдырлуу шердин өзү эле.
Көкжал кандай болот деп,
Кыргыз журт турат күйүнүп,
Бая кыргынга туулган көкжал эр
Кылча көрбөйт кытайды,
Кызарып көрүп сүйүнүп.
Ордодон ойрон чыкканда
Колдогону бир тогуз,
Колдоп алды төрөндү
Эми жөлөгөнү бир тогуз.
Жөлөп алды төрөндү
Адам, кара чаар кабылан
Капталында чамынып.
Чолок көкжал арсылан
Жара тартчу эмедей
Жандай салып камынып.
Алпкаракуш* – кыраан куш
Асмандан арбайтып бутун сунуптур.
Кырк чилтен бирөө сур жолборс
Баатырды көрүнөө коштоп туруптур.
Жоону көздөй бет алса
Бир караса бир киши,
Бир караса кабылан
Ошо кезде миң киши.
Аты Кызыр* кырк чилтен
Сүрөөн салып экөөлөп,
Жана оңжоңдотуп Буурулду
Он эки балбан жетелеп.
Төрөсү минген төөдөй так,
Төрөгө конгон бул бир бак.
Шердин шер экени билинип,
Камап келген кытайга
Көкжал кагышка чыкты сүйүнүп
Атасынан бабасы –
Шай колдогон кыраандын.
Көкжалдыгын карачы
Берениң жоого бет алып,
Каптап кетер кытай деп,
Түпкө чогуу жетер деп,
Калың аргын, көп кыргыз
Капа болуп күйүнүп.
Бая кайран шердин тукуму
Кабагым дебей, каш дебей,
Кашкая күлөт сүйүнүп.
Жан жараткан менденин
Бир өзүндөй көрүнүп.
Асман менен көгүңдүн
Айкөлдүн уулу эр чиркин
Тирөөсүндөй көрүнүп,
Каарланып качырса,
Дүнүйөнү күткөндөй,
Асты катуу кара жер
Калыңынан түткөндөй,
Асман менен жериңдин
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Жер жаралган тумшуктун
Урчугунан бүткөндөй
Болот менен курчуңдун
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Жан жаралып бир жалгыз
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Кытай турмак кылымды
Талкан салып күткүдөй.
Темир каша коргондой,

www.bizdin.kg



Теги кыраан көкжалың
Теңселсе кыргын болгондой.
Бадана* кийип балкылдап,
Опол-Тоодой калкылдап.
Күүлөнгөнү жел болуп,
Күчөгөнү сел болуп,
Асмандан түшкөн Боз кисе
Кынай белге курчанып.
Калдай уулу капырга
Кан Коңурбай баатырга
Таластын куйган боюна,
Үч-Талаанын четине,
Үч-Кошойдун бетине,
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз малдын чубама.
Чоң салаанын бетине,
Бетегелүү керүүгө
Манжуу каптап кол салып,
Каптап кетчү жерине.
Баатырлыгы башкача
Озо чыкты Семетей,
Жер жайнаган көп кытай
Кыргызды каптап кетерде
Тозо чыкты Семетей.
Адыр-күдүр белестен
Буурулдун оозун бурду эле,
Асман жарган чуу болгон,
Жер айрылган дуу болгон,
Жер майышкан көп колду
Тозуп турду Семетей.
Семетейди көргөндө,
Жер куруткан калкы бар,
Албан түрлүү алпы бар,
Качыр минип, айза алган
Туш-тушунан жөө күлүк
Туура каптап кол салган.
Ал балбандын ичинде
Темир аркан торчон бар,
Тегиз канжарколчоң бар.
Бекип жаткан бели бар,
Беттеп адам барбаган
Жалгыз көздүн эли бар.
А жалгыз көз ичинде
Маадай, Дыңша шери бар.
Маадай, Дыңша шерине,
Балакеттин эрине
Маадай, Дыңша эки дөө*
Көлүгү жок, атсыз жөө,
Алышканды койбогон,
Кырса жанга тойбогон.
Маадай, Дыңша жандары
Чабыша келген балбандын
Чыгып кетет далдалы.
Адам билбес сөзү бар,
Чекесинде эрендер
Көнөктөй жалгыз көзү бар.
Кызыл болот майлаган,
Кылчайып адам барбаган,
Кыйыгына тийгенде
Кыргын салып жайлаган.
Каман көрсө качырып,
Көз ачкыча кармаган.
Кармалаша кеткенде
Тирүүлөйдөн жайлаган,
Туурасы жоон, бою пас,
Түгөттү көрсөң кийин кач.
Эч ким чыдап барбаган,
Эңкейтип белди албаган,
Маадаң, Дыңша дээр экен,
Карышкандын баарысын
Карып кылып жээр экен.
Албан түрлүү албанды,
Алдап ашка салганды,
Бек урушуп жоо менен
Ким көргөн мындай балбанды.
Семетейди көргөндө
Маадаңша келет бастырып,
Айкай салып чоң Дыңша

www.bizdin.kg



Аркасынан шаштырып.
Семетейди көргөндө
Күчүн сынап эр Дыңша
Бу кайратым жетсин деп,
Кутургур жайын карасаң
Буурул атчан буруттун
Жүрөгү түшүп кетсин деп,
Тоодой чокмор* колго алып,
Опол-Тоодой кара таш
Оңтойлоп жетип калды эле.
Каң дегизе Маадаңша
Кара ташты салды эле
Ташты салса чок чыгып,
Чокморунан от чыгып,
Мааданды Кудай урду эле.
Салган жерде кара таш
Талкан болуп турду эле.
Ташты чапкан бу колум,
Далайды талкан кылар деп,
Каарланган Маадандан
Кантип адам калар деп,
Кармаш кылчу бурутум
Кудайына барар деп.
Ачууланды Маадаң дөө,
Артында такоол миңдей дөө.
Көз чуңкуру буткулдай,
Кабылганды капырың
Түгү менен жуткудай.
Беделин менде көргөндөй,
Бет алышса эчен жан
Жүрөгү түшүп өлгүдөй.
Капырыңдын түрүнөн
Айбан кайра качкыдай.
Адам көрсө кырылып,
Жүрөгү түшүп жаткандай.
Айры шили ортосу
Абайласаң капырың
Он эки таман сере экен.
Каарланып Коңурбай
Кыргызды кырып салам деп,
Ээрчитип келген эме экен,
Эбегейсиз шер экен.
Ачууланып качырса
Айбатына жан турбай,
Ачууланса жегидей
Энеси инди жалабы,
Кызыталак Мааданды
Эңкейтип киши алабы.
Атасы кытай долусу,
Адам тилин билбеген
Айбанга чалыш долусу.
Астында күрөң букасы,
Желип кетсе, жел жетпейт,
Күрөң букасынын чуркашы
Басып кетсе мал жетпейт.
Жалгыз көздөн баатыры,
Жаң койбогон капыры.
Семетейди көргөндө
Опол-Тоодой кыймылдап,
Ал букасын бир салып,
Чоң чокморду колго алып,
Чокморунан чок чыгып,
Кайратынан от чыгып,
Мендеден бөлөк көрүнүп,
Бедели бөлөк бөлүнүп.
Мендеден бөлөк көрүнүп,
Ачууланып чамынып,
Көрсөң түрүн ушундай
Көк арыландай чамынып.
Каарланып күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп,
Берен жинди* байланып,
Бейпайды саа салууга
Атаңдын көрү, бурут журт,
Бээжинден келдим камданып.
Бээжинди бейпай кыламын,
Каарым келди какайдым,
Калтырбай журтуң кырамын.

www.bizdin.kg



Көрөйүн сенин түрүңдү
Көкжал бурут»,– дей берди.
«Азыр кагып кетейин
Капкайдагы жиниңди!
Тагыңды талкан кылайын,
Сенин талкалап журтуң кырайын.
Белгилүү күчүм барында
Бегиңди талап нетейин.
Бек жиниме чын тийдиң
Белсенип кырып өтөйүн».
Каарланды Маадаңша,
Кайраттанды бир канча.
Камынып келген баатырдын,
Каарланган капырдын
Күүлөнгөндө эренге
Менде чыдап туралбай.
Кайратынан таш күйүп,
Канчалыкты оргудай,
Бек жиндесе мендесин
Бейпай кылып койгудай.
Далай жанды кыргыдай
Кайраттанса капырың
Тоону талкан кылгыдай.
Көзү көпкөк темирдей,
Мурунуна карасаң
Бузулган тоонун сеңирдей.
Качырышы камандай,
Кайратына карасаң
Дүнүйө бузган шамалдай.
Карап көкжал таң калып,
Алапайын таба албай,
Коңурбайдан канча өөдө,
Калкы жалгыз көзү экен.
Кармашса канга тойбогон
Капырың мындай дөө экен,
Адамдан бөлөк башы бар,
Жаткан иттей кашы бар.
Кез болгонду оргудай,
Кежирине тийгенде
Түгүн койбой соргудай.
Каарланып жулкунуп,
Карагайдай айза алып,
Бука менен булкунуп,
Букасынын күлүгү,
Бу капырдын бүлүгү.
Балбандыгы башкача
Бар жарагын шайланган,
Опол-Тоодой чоюнбаш
Түкүрүп колго кармаган.
Капырыңдын букасы –
Букасынын чуркашы –
Букасы уйдун шүдүңкүт
Уй сыяктуу сыягы,
Кудай урган буканын
Куйган чоюн туягы.
Желгенине жел жетпей,
Басканына мал жетпей,
Бадыректин* чуркашы,
Азыркы көргөн чоң балбан
Кыргызга келген чоң жаңжал,
Бука минип айза алган,
Чоң чоюнбаш байланган,
Беш-Бээжинди айланган.
Тутанып өлгөн жалгыз көз
Эренден чыга камданган.
Жетимиш батман* буудай жеп,
Дан жыттанган кул экен.
Алп-дөөлөрдү өлтүрүп,
Кан жыттанган кул экен.
Болжолуна караса
Боз мурундуу коргондой,
Борумуна караса
Ай-ааламды буй кылып,
Айдап жүрүп соргондой.
Кебетеси жолборстой,
Келжиреген капырдан
Алышкан аман болбостой.
Кайсаганы камандай,

www.bizdin.kg



Кыргыз эмес өрттөнгүр
Кылымга кыргын салгандай,
Берен да экен, шер да экен,
Бепбелгилүү эр да экен.
Алптар менен алышып,
Адис болгон кул экен.
Дөөлөр менен кармашып,
Балбандыгы билинген.
Бээжиндеги зор кандын
Бичигине чийилген,
Алышкан аман кетпеген,
Жер алдынан сексен алп,
Жер үстүнөн токсон алп
Булар алы жетпеген.
Күн чыгышты жердеген,
Күрөшүп адам жеңбеген,
Маадаңша түрү башкача,
Баатырлыгы бир канча.
Ачууланды дүпүлдөп,
Мен Маадаңша, мен болсом,
Канкор уулу сен болсоң,
Бээжинге не деп барасың,
Бекке бейпай саласың.
Чын камданып салыш кыл,
Армандуу болуп каласың.
Каарланып чапчысам,
Кызыталак бурут кул,
Кыргын болуп каласың,
Кулжуңдасам кокустан
Кудайыңа барасың,
Кыйының Бакай карысың,
Кыргын тийген немедей
Кыйратайын баарысын».
Деп, ошентип, Маадаңшаң
Каарланып какайып
Канкор шерди көргөндө
Тоодой чокмор колго алып
Чоң айзасын булгалап,
Качырып сала бергени.
Бука оозун бурду эле
Болоттон соккон айзасы,
Болумдуу экен айласы.
Опол-Тоодой чоң балбан
Келе жатат куркүрөп.
Манастын уулу эр неме
Ардай болгон Буурулдун
Тартып оозун бурду эми,
Уңгусу болот, учу курч
Мувакүлдүү* сыр найза
Маадаңшаң көздөй сунду эми.
Маадаңша кытай балбаны,
Баатырыңдын жаңжалы,
Жете келди Маадаңша.
Булуттай учат букасы
Айбандан мындай болобу,
Таңыркатат адамды,
Букасынын чуркашы,
Каарлуу жыйын айласы,
Карагайдай айзасы.
Айза шилтеп өттү эле,
Айзасы артык курч болот
Семетейге жетти эле,
Жеткен жерде эр сокур
Муштап келип өттү эле,
Каарды катуу баштады,
Кудай сактай көргүн деп,
Ардай болгон Буурулдан
Кулап кете таштады.
Ээринен арт кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Эпсиз тийди айзасы,
Көкжалыңдын айласы,
Телегейи тең эле,
Оң далысы кең эле.
Душман азар салбаган.
Он сегиз миң ааламда
Көкжалга укурук кайрар калбаган.
Мына ошондо Семетей

www.bizdin.kg



Асмандан түшкөн алты курч* –
Кылычтын кылда мыктуусу
Манас кан алган Зулпукор
Кармай калып сабынан,
Кылычты суурул кабынан
Айзасы күчөп жетерде,
А жолунда көкжалды
Көмө коюп өтөрдө
Шай колдогон шер немең
Кылычты кызык алды эле,
Кыйындап таап айласын
Кыя тартып шилтеди
Кысталактын айзасын.
Оңбогурдун айзасы
Орто белден быркырып.
Айзасынан айла жок,
Айза сынды быркырап,
Каардуу каапыр айзасы
Орто белден кыйылып,
Ал жалгыз көз капырдын
Ошентип жини тыйылып.
Оолугуп сокур турганда,
Кара жаак булдурсун*
Кармай калып имерип,
Ардай болгон Буурулду
Көкжал казыга тартып жиберип
«Баабедин» деп бакырып,
Кабылан Манастап ураан чакырып,
Бука минген баатырга,
Опол-Тоодой капырга
Буурулдун оозун бурду эле;
Мувакүлдүү сыр найза
Күркүрөтө сунду эле.
Кемер курдун бети деп,
Өпкө-боордун чети деп,
Өзү баатыр чоң канкор
Өлчө билгис шеринен
Тегерете карабай,
Теги жанын аябай,
Өлөмүн деп санабай,
Уңгусу болот зор найза
Улап учун чыгарган
Болотту тешип өтсүн деп,
Аны адамдын көз жашы менен
сугарган
Түпөгүн туура таптаган,
Пил терисин каптаган,
Болоттугу билинген,
Түз муштаса түгөнгүр
Түпкүч болуп ийилген.
Кара кылдан каптаган,
Ошондой жоого сактаган.
Желигип чуркап Арбуурул –
Чоң Мааданга жетти эле,
Жеткен жерде чоң алпты
Муштап келип өттү эле.
Күчөп Буурул түйүлүп,
Түз муштаса сыр найза
Сынып кетпей сыйпалгыр
Түпкүч болуп ийилип.
Манастын уулу баатырдын
Шер экени билинип,
Качырып айза сайганда
Балбан экен Мадаңча
Балбандыгы бир канча,
Кара жаак айбалта
Кармай калып имерди,
Камбылдыгы болжолсуз
Орто белге айзаны
Ошондо тартып жиберди.
Алтын жаак айбалта
Уңгусу кыйрап быркырап,
Быт-быт болуп сыр найза
Мыктап сынды бычырап.
Быт-быт болуп бычырап
Айза сынып турганда
Атасы Манас сырдашы,
Асыл Бакай курдашы,

www.bizdin.kg



Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк ала калкан ойногон,
Алыстан мүшкүл ойлогон,
Жаман айтса таңылбас,
Караңгыда айдаса
Карсактын изине салса жаңылбас,
Картайганда кан Бакай
Бөрү тилдеп кырдаган
Бөлөкбай уста сырдаган
Кара кылдан тактырган
Жоого болжоп бактырган
Бил терисин каптатып,
Көлөкө жайга сактаткан.
Көрсө көңүл кандырган,
Чылгый болот курч менен
Айландыра чалдырган,
Болот урса кеспеген,
Кылыч чапса өтпөгөн.
Тутам жерин кырдаган,
Кармаар жерин коолдоп
Албан түрлүү сырдаган.
Сундурганда жарк эткен,
Камчы тийсе карааның
Добулбастай заңк эткен.
Темирди сайса тартпаган,
Таш муштаса өтүүчү,
Таамайлап жоону муштаса
Талкан кылып кетүүчү.
Жоого сунса кызарган,
Аяш атаң Бөлөкбай
Дөөтү менен кеңешип,
Ошо Төкөр жасаган.
Улап учун чыгарган,
Тийген жери тим калбай
Кабылдап кетип өлсүн деп,
Адамдын көз жашы менен
сугарган.
Арыптап курчтан орогон,
Сайган душман сойлогон,
Сайышкан эрлер кологон.
Каранды жасап турганда
Канкор эрдин казына
Арбынырак корогон.
Азем болуп жүрсүн деп,
Агедек менен орогон.
Каканчылуу Бээжиндин
Кагышына жорогон.
Бээжинге бейпай салсын деп,
Кайран жанга күч келсе,
Канкор төрө Семетей
Кайран көкжал алсын деп,
Каршылашкан кытайга
Бир каран түн салсын деп,
Кабылан туйгун Манастын
Минтип өчүн алсын деп,
Аяш атаң Бөлөкбай
Арнап кылган сыр найза,
Сынып кетпес тың айза.
Ичине болот копшоткон,
Өзүн курчтан толгогон,
Кагышка каалап оңдогон.
Аяш атаң Бөлөкбай
Арнап кылган сыр найза.
Көптү көргөн олуяң,
Көкжал Бакай карыя
Бөлүнгөн бөксө жол менен
Кыргыздан мынча кол менен
Дагдыр жетсе өлөм деп,
Манастын уулу көкжалга
Караан болуп берем деп,
Ташты жарчу сыр найза
Абасы Бакай карыя,
Ааламды билген олуя
Көкжал Бакай жетти эле,
Жеткен жерден сыр найза
Берен көкжал колуна
Бере коюп өттү эле.
Айзаны Бакай бергинче,

www.bizdin.kg



Канкор тууган Семетей
Кайра оңолуп келгенче
Маадаңшандын букасы
Булуттай учат чуркашы,
Өзү уйдан шүдүңкөт,
Кутургурдун сыягы,
Куудай учат бул бука
Куюлган темир туягы.
Кайра оңолуп канкор шер
Маадаңшаң дөөгө барганча
Балбан экен Маадаңша
Балбандыгы бир мынча,
Эрдиги кабат, каары күч,
Эңишкенди кылат түз,
Эрдик жайы ушундай
Бу капырдан күдөр үз.
Буттап темир курчанып,
Тоодой чокмор колго алып,
Букасына камчы уруп,
Желигип турган доңузуң
Айта-буйта дегенче,
Ачып көздү жумганча
Чылгый ичин өрт чалып,
Чыдай албай Маадаңша
Кара келте чоюнбаш
Камбыл экен кагышка,
Кармай калып имерип,
Кайран башта чоң калкан
Көк темирден туулга*
Көмкөрө кийген чарайна*,
Ашагандан машаткан,
Кайран энең Каныкей
Карап туруп жасаткан.
Алышка балдар кийсин деп,
Кажыбай жоого тийсин деп,
Калайман салып качырып,
Кармаша келген душманды
Каканга чейин сүрсүн деп,
Айбалта чапса зыргыган
Аржак башка күч келбей,
Чоюнбаш урса ыргыган.
Көкжал эрдин башында
Көпкөк темир чарайна
Көкжал экен Маадаңша
Ур дегизбей жетти эле,
Жеткен жерде оңбогур
Кара келте чоюнбаш
Кармай калып имерип,
Каң дегизе канкорду
Калканга тартып жиберди.
Мыктуу балбан салганда
Быт-быт болду калканы,
Калканга тийип чоюнбаш
Чыккан экен талканы.
Арман кылды Маадаңша
Ааламдын баарын алганда
Алп-дөөлөрдү талкалап,
Талкан кылып салганда
Жылгындуу, Кең-Кол, чоң Талас
Жерден мындай көрбөдүм.
Баатыр экен Семетей
Жерден мындай көрбөдүм.
Берен экен, бел экен,
Бендеден чыккан шер экен.
Атасы Манас артык шер
Маадыкан атам сойгону,
Талкан кылып койгону.
Бул эрдиги эп экен,
Оорлугу зындан ташы экен.
Кыргыздын мыктуу башы экен,
Орнотулган чеп экен,
Алгара менен Карагул
Экөөн чолок кылганы,
Жылкычыны кырганы,
Айгайды арбын салганы,
Бажыга* жыйган сан кара
Баарын тийип алганы,
Балакеттүү канкордун,

www.bizdin.kg



Ааламды бузган анткордун
Бул эрдиги эп экен.
Алөөкөнүн Коңурбай
Калк бүлдүрүп, кол айдап,
Кармашка чыгып келгени,
Бу кылыгы эп экен.
Чапчышып чама келе албайт,
Опсолоң тууган канкорду
Чабышып менде жеңе албайт»,
Деп, ошондо өкүрүп,
Кагышты салчу Маадаңдын
Кара көздөн кан акты,
Кандуу бетин сур чалды.
Дообулбасты бир салды,
Баштагыдан чоң бетер
Карылуу капыр күрсү* алды,
Алтымыш кулач көк айза
Чылгый темир болоттон,
Сайышкан жанды колоткон.
Аркасынан миң алпы
Такоол болуп келгени.
Талкан салгын бурут деп,
Талканды таза салгын деп,
Чындап жетип бурутка
Буурул ат минген баатырга
Булкушка чыдап берүүчү
Булкулдаган капырга
Мурун айза салгын деп,
Көмө сайып салгын деп,
Такоолчусу чоң Даңша
Бозкачыр менен жетти эле,
Мадаңшаңдын колуна
Айзаны берип өттү эле.
Мадаңшаң айза алганча,
Букасына камчы уруп,
Оңтойлонуп калганча
Атасы Манас арысландан
Арта тууган эр Семең,
Шай колдогон шер немең
Жоого камбыл мыктуу эр
Жоо көк жалы мыктуу эмең
Колдогону сан болгон,
Койгулашкан дан болгон.
Жан таштап жоого беттеген,
Каарланып качырса
Кармашкан аман кетпеген.
Он эки мүчө тең болгон,
Ааламды бузган шер болгон,
Канкор шерден туулган,
Кармашка салган чуулган.
Сайышкан жоого саң колдой,
Алышка кирсе ак жолтой,
Эрдиги журтка сынаакы,
Эр Семетей кыраакы.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш.
Тиштенгенде жөн эле
Таруудайдан быркырап,
Оозунан чыккан көк жалын
Оозунда шыркырап.
Манастан тууган шер немең
Шай жөлөгөн эр немең
Оңтойлонуп калганча
Мадаңшага жетти эле.
«Калмак ээрдин кашы» – деп,
«Как жүрөктүн башы» – деп,
«Өлчү жердин тушу – деп,
«Бир өлчү жериң ушу» – деп,
Бугудай мойнун буратып,
Буурул менен чуратып,
Бура тарта бергенче
Букачан дөөгө жетти эле,
Болжолдуу жерге көкжал шер
Муштап келип өттү эле.
Айза ортодон бүктөлүп,
Аманат жанга күч келип,
Айза жеген ал баатыр
Ааламдан ашкан эр капыр

www.bizdin.kg



Букасына жүктөлүп,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Көзү кетип алактап,
Букада буту салактап,
Эс алалбай турду эле,
Мадаң ооп турганда,
Алты миң балбан жанында
Баатыр Даңша жетти эле.
Жөлөп-таяп балбанды
Чын болуша кетти эле.
Мына ошондо Бакай шер
Аксакалы суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
«Сакалымдын агында,
Сапарым чукул барында,
Акыры бир күн өлөм – деп,
Өлбөй тирүү чагымда
Канкор тууган чунакка
Караан болуп берем» – деп,
Кайран Бакай кирди эле.
Шамдагайы болжолсуз,
Ыктуу Бакай эмеспи.
Канча дөөнү кулаткан,
Касташканды сулаткан,
Мыктуу Бакай эмеспи,
Карыганда Бакайдын
Өбөктүгүн көрдүңбү,
Канкор эрге чоң жолдош
Жөлөктүгүн көрдүңбү?
Карыганда кан абаң
Сан колго татар алы бар,
Мендеден артык туулган
Берениң Бакай олуяң
Балбан курчап алганча,
Жөлөп-таяп калганча
Айгай салып сан балбан
Ажыратып алганча,
Көк чолок менен чуратып,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Ойрон Бакай жетти эле,
Оолжуган капырды,
Бука минип, чыр салган
Бу Мадаңша капырды –
Кайран Бакай жетти эле.
Тоону ураткан эмедей,
Букасынын үстүнөн
Көмө коюп өттү эле.
Жер айрылып дүркүрөп,
Букасынан Мадаң дөө
Кулап жерге жетти эле.
Артынан Даңша барганча,
Ажыратып алганча,
Колундагы Зулпукор
Кыйкырып колго алганда
Кан ичпей куру жүрбөгөн.
Канга мыктап тойбосо
Кайта кынга кирбеген.
Колундагы Зулпукор
Кынынан суурул алды эле,
Жетип барып Семетей
Балбанды башка салды эле.
Баатырсынган сокурдун
Башы кетти быркырап,
Жаны кетти чыркырап.
Мадаңшанды жай кылып,
Баатыр көкжал турду эле.
Ар жагында Даңшасын
Жана Кудай урду эле,
Катарлаш чыккан эр экен,
Берен чыккан Бээжинден
Артыкча канкор эме экен.
Алышка жетсе четтеген,
Кармашса жанды өрттөгөн.
Адамда мындай болбогон,
Алышса канга тойбогон.
Беттегенди мент кылган,

www.bizdin.kg



Кезиккенди кайсаган,
Жосунун көргөн таң калган,
Жологон адам жобогон,
Кезиккен адам кор болгон.
Каруусу мыкты, заары күч,
Капырды көрсөң күдөр үз.
Жер жарылды дүркүрөп,
Калдайып тоодой көрүнүп,
Жанында балбан миң болгон,
Бээжинге аты дүң болгон.
Канжа суурун калжайып,
Жоо-жарагын шайланып,
Кабарын көргөн күйүнүп,
Көпкөк темир кийинип.
Балбаны башка ушундай,
Коңурбай салган мүшкүл ай.
Баатырлары, эрлери,
Албан түрлүү шерлери
Атагы Дыңша дээр экен,
Алышса жанды жээр экен.
Адал да жок, арам жок
Ылгабастын өзү экен.
Кашкулак көрсө кармап жеп,
Суур көрсө суурун жеп,
Эмне тийсе кууруп жеп.
Арт жагында көп улук,
Айбанга чалыш макулук.
Аты Дыңша дээр экен,
Мадаңшаадан эр экен.
Тоодой качыр ат минген,
Толгон болот айза алып,
Жанына кылыч байланган.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадырек.
Куйкаланып кутургур
Кыргын жакка шайланып,
Ач албарс кылыч байланып.
Бурутка кыргын салам деп,
Беттешкенди талкалап,
Бет каратып алам деп,
Белгилүү кытай чоң улук
Бейли кара кысталак
Бээжинден чыккан тоорулуп.
Берен Калча көкжалдын
Белгилүүсү шер экен,
Бээжинден бери тоорулуп.
Бурутка кыргын салам деп,
Бет ала келген кези экен.
Бул өңдөнүп ким жүргөн,
Кырк уруу кытай козголуп,
Эр Калча салган чоң дүрбөөн.
Качыр минген чоң балбан,
Каалайман түшөр чоң жаңжал.
Дыңшаны Кудай урду эми,
Ат оюнчу, жөө күлүк
Аркасынан миң балбан.
Беттеп менде барбаган,
Бет алган менде таң калган.
Кармаганды жөн эле
Карышкырдай чайнаган.
Колу канжар, өзү эр
Козголоң салган ошо жер.
Баатыр Дыңша балбаны
Алтымыш кулач айза алып,
Жекеге чыга калганы.
Кара майдан таш кашат
Кагышка чыга калды эле.
Каарланып күркүрөп,
Дыңша айбатын салды эле.
Ар жактан колу камынып,
Кежилдесе кол менен
Кетмек болду көп колу
Ар жагынан жабылып.
Күлүгү бар, дөөсү бар,
Күчөп кетчү каркыбар.
Кан өлгөндө жабылып,
Каптап кетмей салты бар.
Түз болгурду сураба,

www.bizdin.kg



Түбүнөн бери аркы бар.
Түбү түптүү кытайдын
Түгөнбөй турган калкы бар.
Түбүнөн бери каптаса,
Качырганды соо койбой
Карап кылмак салты бар,
Дыңша айзаны алды эле,
Өлсөң беркел бурут деп,
Айкайды арбын салды эле.
Дыңша жаңжал баштады
Ал Дыңшанын үнүнөн,
Балбандын айбат түрүнөн
Жер айрылып, тоо көчүп,
Калкылдаган кара жер
Как жарыла таштады.
Дыңша жайы ушундай,
Күрдөөлү балбан неме экен,
Тутанып өлгөн ал доңуз
Күркүрөгөн шер экен,
Мадаңшандан башкы өөдө,
Бээжин ээси дебесе,
Коңурбайдан канча өөдө.
Ташты чапса чок кылат,
Кармашса жанды жок кылат.
Мындай экен балбаны,
Кармалашкан балбандын
Канча чыккан далдалы.
Сайышып адам алабы,
Кежилдеген чочкодон
Кезиккен тирүү калабы.
Муну эңкейтип адам алабы,
Ырааңы суук баатырдан
Эңишкен аман калабы?
Каарланды, күүлөндү,
Канкор шерди көргөндө
Баатыр Дыңша сүйлөндү:
«Ар жакы атам чоң улук.
Атаңдын көрү, бурут кул,
Атайы келдим тоорулуп.
Балбаның байлап аламын,
Бар элиңди чуулатып,
Кыйыныӊ кырып саламын.
Таш чебиң талкан кыламын,
Талыктырып кырамын.
Бет алганды кайсаган,
Сойгогонду сологон,
Согушканды койбогон,
Баатыр Дыңша балбанмын,
Кулак угуп, көз көргөн
Алп дөөнүн баарын алгамын
Серпишкендин баарысын
Тындым кыла салгамын.
Кечээ, каарым келип качырып,
Мына каканчылуу өз журтум,
Калаймайды салгамын.
Ар жагы журт сазаң-шаң
Камап кырдым Дыңшаны,
Кандыгын алдым мынчаны,
Кагышсаң, бурут өлөсүң,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран немем көрөсүң,
Бет алышкан Дыңшаны
Сен Мадаңчы дөөдөй көрөсүң.
Айзаны алсам имерем,
Мыктап жиним кармаса
Быт-чытыңды чыгарып,
Бөлүп-бөлүп жиберем,
Ченебей журтуң четтеймин,
Ченсиз жиним кармаса
Таласың кошо өрттөймүн».
Деп, ошентип, чоң Дыңша
Каарланат ал мынча.
Оруп-жыйып алчудай,
Кутургур жайы момундай.
Кулжуңдаган адамды
Куржунуна салчудай.
Каарлуу Дыңша шер экен,
Кулагы угуп, көз көргөн

www.bizdin.kg



Жумуру баштуу адамдан
Бу кысталак эр экен,
Беттешерим бейпай дөө
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Ай Кудурет сактай көр,
Манастын уулу Семетей
Дыңшадан өлдү дедирбей,
Чылгый балаа чоң Дыңша
Чын мүшкүл салды момунча.
Сайышарын Дыңшанын
Зорлуту тоонун теңиндей,
Кыйшайта сайып көкжалды
Аргын, кыргыз кайран журт
Кыргын болду дедирбей,
Тирүү болсок жыйган бер,
Өлүп кетсек ыйман бер,
Буурулдан башка буудан жок,
Күлчоро менен Канчоро
Экөөнөн башка тууган жок.
Ичим кайгы, боорум чок,
Капырдан өлсөм казаттан
Жаратканга көөнүм ток.
Ай, жараткан, жалгай көр,
Өзүңдөн бөлөк айла жок,
Ишти Кудай оңдой көр,
Алты шердин кенжеси
Алданын жакшы пендеси
Атакем Манас колдой көр!
Үстүмдөгү болоттон
Жан жанын сайсам бөлүнбөйт,
Жалгыз көз каны Дыңшаны
Жараткан жан коёр неме
көрүнбөйт».
Чылгый ичин өрт чалып,
Чыдай албай бакырса,
Каптап кетсе аз элди,
Кара курттай калк экен.
Адамдан бөлөк алп экен,
Балбаны катар дөө экен,
Ар уругу капырдын
Кара курттан көп экен,
Ардай болгон Буурулду
Аба төрөң Семетей
Тартып оозун бурду эле.
Абайлап көрүп көкжалың
Аңтаң карап турду эле,
Мына ошондо чоң Дыңша
Каарланып күркүрөп,
Астындагы качыры,
Берен экен байкасаң
Белгилүү Дыңша баатыры.
Алтымыш кулач айзасы
Артык экен айласы,
Улук экен, шер экен,
Мунун уруусу бөлөк эл экен.
Зазаң шаңга туулган
Ааламдын баарына
Дыңша салган чуулган.
Кече кырк уруунун элинде
Калдайдын калкын камаган,
Эрдигин көрүп Дыңшанын
Эчен кытай жадаган.
Каарды катуу баштаган,
Кан Коңурбай, Эзкара
Каарына чыдабай
Кырылып кете таштаган,
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Толкуганда Дыңшанын
Кайратынан кан чыккан.
Бет алышса белсенген,
Берендиги Дыңшанын
Бери* ургандай теңселген,
Эрдик жайын көргөндө
Бүткүл кытай күйүнгөн,
Алышканды жай кылган,
Өзүң көргөн Дыңшаны
Зазаңшаңга кан кылган.
Кырк капкалуу Бээжиндин

www.bizdin.kg



Беш эшигин билгизген.
Калайман салып кетет деп,
Түпкө чогуу жетет деп,
Алтын таажым кийгизген,
Алтын такка мингизип,
Жарым кандык бобуга
Жаң-жуңдун журтун билгизип.
Керишке балбан, заары күч,
Каарланса чоң Дыңша
Канча жерди жай кылат.
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча.
Толкуганда капырга
Тоо туруштук бералбайт.
Белсенип чыкса Калчага
Менде жакын келе албайт,
Муну бет алып менде жеңе албайт.
Менде жеңбес себеби –
Киши укпаган сөзү бар,
Башында жалгыз көзү бар.
Балакеттин өзү ал.
Чет-Бээжинди четтеген,
Челишкен жанды өрттөгөн
Канкор мыктуу каркыбар.
Кармашканды буй кылган,
Качан болсо салты бар.
Белеске салган там ошол,
Мээнеттиги бар ошол.
Аябаган дүмөктү
Сала келген эмеспи,
Алөөкөнүн Коңурбай
Атайы алыш кылууга
Бээжиндин каны Дыңшаны,
Бегирээк айдап мынчаны
Ала келген эмеспи.
Каары мыктуу кан аты
Кармашка кирсе чоң Дыңша
Токтобой кыргын салуучу
Тозоку мунун адаты.
Ар мүчөсү буткулдай,
Каарланса капырың
Ааламды жуткундай,
Баатырлыгы сеңирдей,
Ар мүчөсү Дыңшанын
Чыңаган кызыл темирдей,
Айкырганы жолборстой,
Айкырган аман болбостой.
Жадаалы катуу, жаасы күч,
Жаның чыккан бу балбан
Катылганды кылат түз.
Такоол бир миң балбаны,
Такыр балбан а дагы.
Каарланды чоң Дыңша
Канкор шердин үстүнө
Катуу кирди бир мынча,
Дыңша кайрат кылды эле,
Айчыгы алтын туу болду.
Кудай бетин көргөзбө
Асман жарган чуу болду,
Шер тербелип төрөлүп,
Көкжалдыгы ушундай
Көк темирдей куралып,
Болоттон айза жаркылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Такоол бир миң балбаны
Чоюнбашчан а дагы.
Чоң дүмөктү баштаган,
Кыйын жаңжал а дагы,
Кыжылдаган жандары,
Кынжылануу* балбаны.
Адам, кылып ийчү немедей,
Кынжыдагы балбаны.
Кынжылуусу катылса,
Катылышкан адамдын
Чыга турган далдалы,
Канга тойбос, чоң соргок
Катуу мүшкүл а дагы.
Жөө чуркаса дыр коюп,

www.bizdin.kg



Тулпардан мурун жетчүүсү,
Чындашканын Каканга
Тирүү кармап кетчүүсү,
Торго устат даңгылы,
Толуп жатат капырдын
Колу канжар камбылы.
Бирөө чочубай чокмор салчуусу,
Бирөө чоң жаңжал болсо токтонбой,
Башты кесип салчуусу.
Бирөө алышка адис бекери,
Бу душмандын баарын карасаң
Жанакы Арыслан эрдин жөкөрү,
Бу баатырлыгы башкача
Озуп турат Семетей,
Кайра камап кытайды
Тозуп турат Семетей,
Ата, короздой болгон кайран шер,
Козголбогон кайран эр.
Адам, зың-зың этип кенебей,
Жанагы жайнап жаткан көп балбан
Каптап кетет экен деп,
Муну бучкагына теңебей.
Берендин жайын сурасаң
Белесте турат кенебей.
Ардай болгон Арбуурул
Оозун тартып турушуп,
Берендин жайы ушундай
Талкалашып урушуп.
Белесте баатыр турганда
Каарланып эр Дыңша,
Кастарын тикти бир мынча.
Сезгенбей серпиш салууга
Бек беттеди оңбогур
Семетей байлап алууга.
Канкордун уулу көкжалга
Калайманды салууга
Каарланды желигип,
Кытайдын кыйын балбаны
Кылымга жетет атагы
Эр Дыңшанын жаңжалы.
Дыңша кытай балбаны,
Кылымга жетчү жаңжалы.
Семетейди көргөндө
Каарланды эр Дыңша
Кастарын тикти бир мынча.
Чыдай албай күрсү алып,
Чын балакет Дыңшанын
Чылгый ичин өрт чалып,
Каарланып какчайып,
Кан иччүдөй чакчайып,
Чамынганы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой.
Кандуу балта жайланып,
Каар бетине айланып,
Чоң Ала-Тоо төштөнүп,
Соруп ийчү көздөнүп,
Балбан да экен, эр да экен,
Катылганды кан кылган
Кайран Дыңша дээр экен.
Ар жабдыгын капырдын
Алышка мыктап кирсин деп,
Айныбай жоого тийсин деп,
Акийнек менен орогон.
Куйкаланган капырды,
Курган Дыңша баатырды
Кыргын жакка жорогон.
Баатыр кандай Дыңша үчүн,
Согуштун жайы мынча үчүн,
Эр Коңурбай чоң Калча
А Дыңшаны Какандан
Алып келген мынча үчүн.
Кызыталак Дыңшадан
Дыңша менен урушуп,
Журт кырылган мынчадан
Сайышканды четтеген,
Салышканды өрттөгөн,
Бет алышкан пендеси
Белсенсе тирүү кетпеген.

www.bizdin.kg



Кезеги келсе чоң Дыңша
Бышырбай чийки эт жеген.
Бастырып менде барбаган,
Басташкан тирүү калбаган.
Басташып чыккан барбаган,
Басташкан тирүү калбаган
Бу балакеттүү балбан ал
Канга тойбос капырга
Кан Семетей баатырга
Казатка минер чоң качыр
Тартып оозун бурду эле,
Болоттон кылган чоң айза
Күркүрөтө сунду эле,
Кулду Кудай урду эле.
Дүмпүлдөк бекем кагылды,
Аркасынан миң балбан
Төрөгө кошо жабылды.
Жер айрылып күркүрөп,
Желиккен Дыңша жетти эле.
Шай колдогон шер немең
Ай-ааламды буй кылган
Атасы канкор эр неме
Кыймылдабай былк этпей
Кымбатың карап турду эле.
Айза жакын жетерде,
Эми муштап өтөрдө
Шай колдогон шер неме,
Шамдагайы болжолсуз,
Өзү камбыл эр неме,
Алтын жаак айбалта
Ала коюп имерип,
Орто белге айзасын.
Ошондо салып жиберди,
Беттеп айза жолотпой,
Семетей кагып калды эле.
Айза андыздап өткөндө,
А Дыңшаңдын айзасы
Бөлөк жак менен кеткенде
Манастын уулу көкжалдын
Телегейи тең эле
Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең эле,
Жан жаратып көкжалды
Жакында бербейт деги эле.
Белгилүү эле, бел да эле,
Мендеден артык эр да эле.
Камбылдыгы болжолсуз,
Канкор тууган көкжал эр
Камынтпастан Дыңшага
Буурулга камчы салды эле,
Бура тартып Дыңшага
Сыр айза сунуп калды эле.
Айта-буйта дегинче,
Ачып көзду жумганча,
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде Дыңшаны
Уңгусу болот, учу курч
Учмактуу* дүмөк сыр айза
Ошо көкжал жетти эле.
Жеткен жерде Дыңшаны
Сырты болот сыр айза
Сырттан тууган көкжалың
Муштап келип өттү эле.
Таш муштаган эмедей
Жапалуу жанга күч келип,
Эрдин эр экенин билди эле.
Күч менен айза сайганда
Опол-Тоодой чоң Буурул
Адам, тизеден жерге кирди эле.
Күүлөнүп сайса Семетей,
Күркүрөгөн эр Дыңша
Зыңгырайт random чочко кенебей.
Сырттаның сайган айзасын
Бучкагына теңебей.
Зың-зың этип кенебей.
Туруп берди эр Дыңша
Качырып сайган айзаны
Бучкагына теңебей,

www.bizdin.kg



Өлүмдөн капа жеген жок,
Түк өлөмүн деген жок,
Ааламда мындай капыр жок.
Мына ошондо чоң Дыңша
Мунун баатырлыгы бир мынча,
Каарланып чамынды,
Балбандарды бакырып,
Каптагын деп ал Дыңша
Буйрук кылды бир мынча.
Жарлык кылса жанжусу
Жабылды жетип балбаны
Жарлык кылса жаңжусу
Кара курттай эле,
Муну менен кытайды
Каканчы журту дээр эле,
Балбандары, шерлери
Баары каптап калды эле.
Капталынан Дыңшасы
Кагышты салды мынчасы.
Темир аркан торчону,
Тегеректеп качырды
Тегиз канжарколчону.
Миң дөө экен жөкөрү,
Кызыталак чоң Дыңша
Кырылбай эсен кетеби,
Балбандары, шерлери,
Каптал кирди эрлери.
Калайман уруш, чыр салып,
Тегеректеп көкжалга
Туш-тушунан кол салып.
Кагышты катуу баштады,
Кыстоо түштү көкжалга.
Берен Дыңша баатыры,
Бет алды кытай капыры.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Айза сунуп, балта уруп,
Асман жарган чуу болуп,
Аябай кыргын болду эле,
Өзү билген эрдигин
Кылып турду Семетей.
Миң балбанын, эрлерин,
Чоң Дыңшадан бөлөгүн
Беттешкенин талкалап,
Кырып турду Семетей,
Каарланды эр Дыңша
Калайман салды бир мынча,
Түк аянып калбады,
Берендерин айдады,
Бет алышып кол салып,
Түк аянып калбады.
Темир аркан торчонго
Тегиз каптап кеткин деп,
Баатыр экен Семетей
Көкжалды байлап алгын деп,
Кечилдин каны Калчага
Тартуу кыла салгын деп,
Союп жерге тапта деп,
Соолгон балбан капта деп,
Алышканың балбандар
Буурул атчан бурут деп,
Буруттү такыр курут деп,
Өзү башка тилинде
Кызыталак бурутуң
Бизге душман зилинде,
Калбай журтум, капта деп,
Кайраттуу окшойт бул бурут
Жер алдына тапта деп.
Этек-жеңин жулгун деп,
Эсепсиз согуш кылгын деп,
Эр Дыңшасы чамынып,
Эстесең жаңжал момундай
Чоң бузукка камынып,
Калбай айдап Дыңшасы,
Дыңша кебин укканда
Чоюнбаш каптап, балта алып,
Согуш кылды мынчасы.
Белгилүүсү кандары

www.bizdin.kg



Бет алып каптап балбаны.
Балбандары кол салса,
Адамдын чыгып далдалы.
Уйгу-туйгу кол салып,
Уруш кылды балбаны.
Балбан каптап дыркырап,
Баатыр көкжал Семетей
Баатырларды бет алса
Баары качат чуркурап.
Кыйындар каптап дыркырап,
Берен төрөң бет алса,
Балбан качат чуркурап.
Кабырга жаман кайышып,
Кайран Дыңша эр менен
Канкор турат сайышып.
Айзалашып сайышып,
Айза такыр сынганда
Айбалта менен чабышып.
Айбалта талкан болгондо
Чоюнбаш менен урушуп,
Чоң бүлүк болуп турушту
Ким көргөн мындай жумушту.
Ок өтпөс зоот, калкандар
Быт-быт болуп бөлүнүп,
Чын кыргын болуп турду эле.
Андай-мындай дегинче,
Ачып көздү жумганча
Берен көкжал Күлчоро
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Өзү жоонун айласын
Артык билген курган эр
Жекене белге курчанып
Жетигим жок деп кайран эр
Жер жайнаган кытайга
Жеке аралап кол салып.
Жети миңин майдалап,
Жеткен жерин найзалап,
Кыялап тоону жөлөнүп,
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Арсландай толгонуп,
Капкара канга боенуп.
Алты миңин майдалап,
Абакем кургур кайдалап.
Жеткен жерин айзалап.
Кызык кыргын дуу болуп,
Токтоп жүргөн кези экен.
Кымбатым абам кайда деп,
Кыйла күн түшүп башына
Кызыр чалган абасын
Жоктоп жүргөн кези экен.
Манжуу, шибе кандарын
Сабап жүргөн кези экен.
Берен абам кайда деп,
Жоктоп жүргөн кези экен.
Асман жарган чуу болуп,
Ай касаба дуу болуп,
Бала кыраан чоронун
Баатырлыгы озуптур,
Манжуу колун токтотуп,
Таластан айдап туруптур.
Кыйратып кыргын салыптыр,
Кыргыз журтту каптатпай,
Кыжылдатып кытайды
Кырып, союп Күлчоро
Кайра тозуп калыптыр.
Суркоен менен зыргытып,
Бет алышса калдайды
Берен тууган Күлчоро
Айзалап сайып ыргытып,
Айза жесе кытайды
Айза менен уратып,
Кылыч жеткен жерлерин
Кыймалап чаап сулатып.
Балта жеткен жерлерин
Балталап кырып бакырып,
Баатырлыгы ушундай
Манастап ураан чакырып.

www.bizdin.kg



Түгүн койбой кытайды
Түгөл айдап сапырып.
Түгөнгөн казат салды эле,
Түгөнүшүп калды эле,
Эликкенден эр жалгыз
Эсеби жок урушуп,
Токтоп жүрөт Күлчоро.
Тоодой абам кайда деп,
Жоктоп жүрөт Күлчоро.
Күрмө кийген күчтүүсүн
Сабап жүрөт Күлчоро,
Менин береним абам кайда деп,
Карап жүрөт Күлчоро.
Ээр белдей мойнокко
Эми чыгып чуратып,
Буудан оозун бурду эле,
Буудан төрө абасын
Балаң жоктоп турду эле,
Кашатка чыгып караса,
Калк аманын кааласа,
Тегиз кытай качырып,
Кан абама асылып,
Катуулап айза салыптыр.
Тегиз кытай чуу туруп,
Теңиз көкжал абамды
Тегеректеп калыптыр.
Мунарык баштап чуу туруп,
Дүмпүлдөгүн карс уруп,
Калдайлары калктары
Катуу согуш салыптыр.
Албан түрлүү алптары
Тегеректер алаарда
Тегиз кытай жетиптир.
Мунун кыйын алпы чоң Дыңша
Мунун баатырлыгы бир мынча.
Каарланып канкорго
Качырып айза салыптыр,
Тегиз каптап балбандар
Тегеректеп алыптыр.
Жер жарылып чуу болуп,
Жеткилең үлкөн* дуу болуп,
Балбандары, эрлери
Баары колун салыптыр,
Барбандатып абамды
Ортосуна алыптыр.
Кыйын балбан Дыңшанын
Каарланган капырдын
Ойрон абам эр көкжал
Ортосунда калыптыр.
Эр абасын көргөндө
Кайгылуу көөдөн бөлүнүп,
Каран калган чоронун
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Ата, айланайын абакем,
Ат көөнүнө карабай
Атын берди аябай,
Тон кийимине карабай
Тон кийгизди аябай,
Караан болгон кан абам
Кармашканы күчтүү экен,
Капыр каптап кетеби,
Кармап алып абамы
Түбүнө чогуу жетеби!
Көкжал абам шер кетип,
Кыргынды кытай ойлойбу,
Абам тийсе колуна
Кыргыздан абам шер кетип,
Кыргынды кытай салабы?
Кыргын кылып бу журтту
Каарланган капырлар
Кайдагы өчтү алабы?!
Асмандан Алданын күнү бүркөлдү,
Күлчоронун башына
Алтымыш санаа бир келди.
Көңүлү көпкөк бөлүндү,
Көзүнүн жашы төгүлдү,
Каарланды Күлчоро,
Кан ичмеси кармады,

www.bizdin.kg



Тутамга келбейт кайран жан,
Куу жанды кайдан аяды.
Карчыгадай камынды,
Кайыптан акыл табылды.
Кыргынды кызык салууга,
Кызыр чалган абасын
Ажыратып алууга,
Түгөнүшүп салышып,
Кылчайбай кирип кетүүгө,
Кыргын болуп кыйрашып,
Өрттөнүшө кетүүгө,
Өзү чоро муну ойлоп,
Айзалап муштап топ бузуп,
Алышты арбын салууга,
Абакеси көкжалды
Эми ажыратып алууга.
Кыргынды кызык салууга,
Кыстоо көргөн абасын
Кыжылдаган капырдан
Кыйыны Дыңша баатырдан
Айзакерден эренден
Айласы толук беренден
Ажыратып алууга
Алдындагы Суркоен
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Каарланды бакырып,
Канкор Манастап ураан чакырып.
Адам угуп, көз көргүс
Дуугa кирди Күлчоро.
Айыкпаган бир үлкөн
Чууга кирди Күлчоро.
Түшсө кирсе чыгалгыс,
Орго кирди Күлчоро.
Чалынса менде кутулгус,
Торго кирди Күлчоро.
Адам көрүп, журт билбес
Зорго кирди Күлчоро.
Күлчоро кол салганы
Чакчалекей чаң болуп,
Мунарык түшүп, кан болуп,
Кайран жанды катууга
Көрбөй менде зар болуп,
Караса көзгө илинбей,
Камгак учкан эмедей,
Кайсы экени билинбей.
Айзакерден абыдан
Миң балбан экен ыктуусу,
Ошолордун баарынан
Баатыр Дыңша мыктуусу,
Серпишке кирсе күйгөн чок,
Тоодой чокмор колго алып,
Жан аябай кол салып,
Чын жалаңгыч* көздөнүп,
Соруп ийчи көздөнүп,
Каарланган бел экен.
Калың журтка белгилүү
Кан ичме Дыңша дээр экен.
Катылганды кайсаган
Беттешкенди мерт кылган,
Кезигише жоо чыкса
Керишти кенен баштаган,
Кырышка кирсе кылчайбай,
Кыргын кылып таштаган,
Айбаты кымбат, аты улук
Жаратылган макулук.
Балбандыгы, шерлиги
Канча журттан озгудай,
Тоо ураса тозгудай .
Тоодой болгон чоң баатыр,
Ачууланып ал капыр.
Айбаты кымбат, заары күч,
Катылганды кылып түз.
Канкор Семетей чыдап бербесе
Бөлөк адам, көргөн журт
Өзүмдүк жандан күдөр үз.
Сайышкан экен Семетей
Балбан Дыңша эр менен,

www.bizdin.kg



Миңдей балбан шер менен,
Чабышып Дыңша эр менен,
Чама жетпей Дыңшага,
Салыш кылып мынчага.
Кабырга жаман кайрылып,
Кайран чепкен ок өтпөс
Быт-быт болуп айрылып,
Мыктуу салыш болуптур.
Бир Дыңша эмес капырдан
Миң Дыңша туушар болуптур,
Миңи катар кол салып,
Жан аябай турганда
Туш-тушунан балбаны
Чуу туруп кол салганы.
Олуя чалдын Эр Бакай,
Атагы чыккан ааламга
Зайыпбуруш* шер Бакай
Дагдыр жесе өлгөнү,
А Семетей баатырга
Караан болуп бергени,
Көкжал Бакай аттанып,
Көк арысландай таптанып,
Беттеп менде келбеген
Эр Дыңшага капталып.
Бакай кирип барганда,
Канча түрлүү балбаны
Канкор шерге болушуп,
Картайганда Бакайдын
Кытайга салган жаңжалы.
Уйбу, Шуйбу балбанга
Адис Бакай жетти эле,
Жеткен жерде эки дөө
Керик* билдин үстүнөн
Уйбу, Шуйбу экөөнү
Көмө коюп өттү эле.
Кыраанын Бакай сайганы,
Уйбу, Шуйбу балбаны
Өлүм болуп калганы.
Оңолуп Бакай тартканча
Бурулуп кыраан кайтканча
Муну көргөн Бакай эр
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай окшойт дүйнө бок,
Бурулуп Бакай калганча,
Бура тартып алганча,
Кытайдын кыйын Дыңшасы
Качырына камчы уруп.
Калбай Дыңша жетти эле,
Жеткен жерде Бакайды
Мыктап муштап өттү эле,
Тону мыктуу Бакайды
Тон көтөрүп калды эле,
Эрлиги эпсиз шер Бакай,
Балбандыгы мыктуусу
Чоң көтөрүп калды эле,
Бура тартып калганча
Үйдөй болгон чоюнбаш,
Дыңшаны көрсөң ыраак кач,
Үйрө кармап эр Дыңша
Балакеттүү капырдын
Балбандыгы бир мынча,
Түп этектен алууга
Оңтойлонду камынып
Чоюнбаш менен салууга,
Дыңша жакын калганда,
Эми жетип эрен дөө
Эсил Бакай абасын
Түп этектен алаарда,
Курган жанды аябай
Алмамбет уулу Күлчоро,
Ай-ааламды буй кылган
Баатыр кыраан шер чоро,
Бакай эрди чаптырбай
Кырмасы болот сыр найза,
Кымтый кармап кыраанын
Капталынан качырып,
Эр Дыңшага жетти эле,
Адиз болгон Күлчороң

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Сөгөрдүн таамай бети деп,
Өпкө, жүрөк өзү деп,
Өлчөлөйүн чочкону
Өлө турган кези деп,
Кыраан чорoң жетти эле,
Капталынан капырды,
Кайран Дыңша баатырды
Муштап келип өттү эле.
Муштаганда эр Дыңша
Ээринен арт кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Жалгыз көзү алактап,
Арамдын буту салактап,
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Кыраандар салган чоң бүлүк,
Баатыр беттеп баралбай,
Баатыр Дыңша балбанын
Ажыратып алалбай,
Адиз балбан жеткинче,
Тегиз каптап балбаны
Ажыратып кеткинче,
Кечээ, аркасы бийик, зээри бас,
Адырга салса оюбас
Ардай болгон чоң Буурул
Буурул менен чуратып
Туяктары тийген жер
Кемер болуп жоюлуп,
Таамай баскан кара жер
Талкаланып оюлуп,
Көкжал тууган Семетей
Көрдүң канкор төрөңүз
Камчы чаап казыга
Буурул оозун буруптур,
Уңгусу болот, учу курч
Мубакүлдүү сыр найза
Дыңша дөөгө сунду эле,
Жанды таштап канкор шер
Опол-Тоодой Дыңшаны
Омуроого урду эле,
Качырдан ооп калдайып,
Оңолбогон эр Дыңша
Ополдой ооп барбайып,
Жер жарылып дүркүрөп,
Качырынан калдайып,
Кайран Дыңша канетсин
Кулап түштү дардайып.
Качырынан калбактап,
Кулап жерге жеткени,
Эштеме өтпөс туулга
Башынан учуп кеткени,
Дыңша оңолуп алганча,
Көпкөк темир туулга
Кайра кие салганча,
Атасынын сырдашы,
Арыслан Бакай курдашы,
Бакай кандын Кылболот
Айкөл аман чагында,
Адамдын жетик багында,
Кокондогу кожону
Кордоп турган кезинде,
Букардагы муңчуну
Ондоп турган кезинде,
Кара-Шаар, Камбылды
Камап турган кезинде,
Каяшаак бергенди
Сабап турган кезинде,
Коштоп кийип суусар берк
Ыргап турган кезинде,
Эгизи Манас типтирүү
Эрениң Бакай чоң султан
Жыргап турган кезинде
Дөөлөтү тегиз чагында,
Төрөсү Манас кан аман барында,
Кайыбынан кабылган,
Курдашыңар Манаска
Ээн талаадан табылган,
Манас алган Зулпукор,
Бакай кандын Ойкума,

www.bizdin.kg



Камбыл Бакай абаңыз
Карыганда Бакайдын
Бул эрдигин караңыз.
Кыйгай тартып кылычты,
Кылычты кындан алды эле,
Кыя тартып Дыңшаны
Балбандары жеткинче,
Жөлөп-таяп кеткенче,
Кыя тартып кымбатың
Аркасынан ал Бакай
Кылыч менен эрениң
Кыл моюнга салды эле,
Айза менен Күлчоро
Так колтукка сайды эле.
Мына ошондо Дыңшаны
Дүнүйөдөн жоголтуп,
Башын кесип салды эле.
Эр Дыңшанын жөкөрү
Жанындагы миң дөөгө
Күлчоро, Бакай, Семетей
Үчөөлөп кол салды эле.
Бакай сайып өтүп жүр,
Күлчоро башын кесип жүр,
Семетей сайып өтүп жүр,
Бакай башын кесип жүр,
Кыргынды кызык баштады
Миң балбандан бирөө жок,
Кыраандарың буларды
Кыргын кылып таштады.
Өлүгүн үйүп топ кылды,
Эр Дыңшаны баш кылып,
Миң балбанды жок кылды.
Бакай менен Күлчоро,
Мунун баатыр шери Семетей
Жети күн тынбай аралап,
Жетик экен чоң Дыңша
Жети жерден жара жеп,
Бакай чыкты кан болуп.
Алты күнү аралап,
Алты жерден жара жеп
Күлчоро чыкты кан болуп,
Шай колдогон көкжалды
Жалгыз жерде жара жок,
Жалаң кырк жыл согушса,
Семетейдей бала жок.
Табылгы жакса чок өтпөй,
Атышка жүз күн кабылса
Аколпоктон ок өтпөй,
Аколпок жайы момундай:
Жакасы алтын, жеңи жез
Кош бадана*, торгой көз
Тездеп темир мадаткан,
Келте огун жадаткан,
Каныкей кайра септеген,
Кайран энең эптеген.
Атасы Манас көкжалдан
Алышка кийчү Аколпок
Мурунку өткөн Манастан
Мурага калган Аколпок.
Буудан шерге ок өтпөй,
Бу Аколпок токтоткон.
Кайран энең Каныкей
Арыптап октон сологон,
Алышкан душман кологон.
Бою баргек* чоктогон,
Бир олпоктун бир баасы
Жеке башы кыраандын
Жети миң нарга токтогон.
Айкалып душман барганда,
Алышты мыктап салганда,
Айбалта менен бир чапса
Караан калган буюмдан
Ай, Аколпок кыйындан.
Алтымыш мылтык атылган,
Алышка чыга келген жан
Ажалга өзү чатылган,
Чокмор тийген жеринен
Так алтымыш мылтык атылган.

www.bizdin.kg



Белсөөсү белден кан болгон,
Берен тууган көкжалга
Бет алган адам жай болгон.
Бу Манастын уулу көкжалдын
Кийген тону Аколпок,
Асынганы Ак келте,
Айдаганы он төрт ат,
Жайлаганы чоң Талас,
Учурганы Ак шумкар,
Урушаары Коңурбай.
Кармашаары каканчын,
Касташаары Бакбурчун
Чыканактап тынч алып,
Чырым этип уйку алып,
Жамбаштап жанды тындырып,
Жатып уйку кандырып,
Кең Таластын боюнда
Каныкейдин ак сарай
Анын каалгасы сом калай
Катын да болсо энеңдин
Мунун сөлөкөтү бир далай.
А сарайдын ичине
Асыл шерлер түштү эле,
Бая кайран энең Каныкей
Жекейбоз тон кийгизип,
Желмаянды мингизип,
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип,
Малдан ашып баарды,
Кымбат катын Каныкей
Кыдыртып кыйла шаарды
Аркы шаар Бомбайды
Аралатып далайды.
Малдан ачкан баарды,
Кыдыртып кыйла шаарды
Алты күлүк ат менен
Алакандай кат менен
Жердин үстүн чалдырып,
Адамга себеп дарыны
Кең Мисирден алдырган.
Жутуп ийип турганда
Ооруган жарат басылган,
Умаштай* көзү ачылган.
Ошондой кылган дарыдан
Бакай менен Күлчоро
Баатыр канкор Семетей
Бул үчөөнө берди эле
Ичкенге кубат күлазык*
Жутуп ийсе көөн ачар
Күлазык чайкап ичти эле.
Күйүккөн жүрөк басылып,
Жан ордуна түштү эле,
Дары ичип, тынч алган
Бу көкжалдын коногу.
Эми айтып берели
Эр Коңурбай жомогун.
Чоң Кең-Колдун бетинде,
Таластын куйган четинде
Ажал жетсе өлөмүн,
Кырдырбай кыргыз журтума
Караан болуп беремин.
Эштек кыргыз эл эди,
Эр Жамгырчы берени.
Айзакерден ыктуусу.
Айла тапкыч кыргыздан
Эң айзакер мыктуусу.
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча,
Тилге чечен, жоого уста
Тилчилдиги дагы бар,
Айла тапкыч акылман
Эчендиги дагы бар.
Тилге мыктуу Жамгырчы
Чечендиги дагы бар.
Ак көкүрөк, жайык төш
Албандыгы дагы бар,
Ааламга татыйт чатагы
Балбандыгы дагы бар.

www.bizdin.kg



Барендиги бир башка
Бек Жамгырчы көйкашка.
Эштектен жыйып кол алып,
Эчен колду мол алып,
Кайгырбаган шерди айтып,
Кара көңүл эрди айтып,
Кызыл болот Зулпукор
Кындан сууруп кырды ашып,
Кытай менен чырдашып,
Берендиги озуптур,
Белеске чыгып белсенип,
Бери* ургандай теңселип,
Белгилүү жерден кат алып,
Бек Жамгырчы аттанып,
Эр Жамгырчы көкжалың
Ок өтпөстү кийинип,
Баатырлыгы билинип.
Эр Эштектен кол алып,
Эштектерден Жамгырчы
Көк темирдей куралып,
Алпын-дөөсүн жайнатып,
Ат тулпарын байлатып,
Урушту эске алышып,
Кытайдан чыккан чоңдорго
Кылкылдаган сан колго
Калдай уулу капырга,
Каршы чыгып Жамгырчы
Кан Коңурбай баатырга.
Белестен согуш салды эле,
Белгилүү экен Коңурбай
Талкалашып калды эле,
Айчыгы алтын туу алып,
Көрсөң ошол Жамгырчы
Көк темирдей куралып.
Көк өзөндүн оюнан,
Кең Таластын боюнан
Талыкпай согуш салышып,
Талкалашып калышып.
Бет алышып турушуп,
Мылтык атып жаа тартып,
Былчылдашып урушуп.
Айза кармап алышып,
Кытай, кыргыз урушу
Маңдай-теской салышып.
Эрен өлүп, кан өлүп,
Кезиккен жандын баары өлүп,
Өңгүл-дөңгүл чуңкурга
Өлүп, кыйрап эл толуп,
Түзөндүн баары чаң болуп,
Колоттун баары кан болуп,
Айчыгы алтын туу болуп,
Асман жарган чуу болуп.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо болуп,
Муруттарын сербейтип,
Адам, эр өлүгү тоо болуп,
Куюшканы үзүлүп,
Ээри кетип мойнуна
Эчен күлүк тулпардын
Ээси өлүп, бош калып,
Мойноп жүргөн мындан көп.
Эчен күлүк тулпардын
Ээр токуму жок жайдак
Коштоп жүргөн мындан көп.
Эсил кайран жан боорум
Баланча жайга өлдү деп,
Барса – келбес чын жайды
Кайран боорум көрдү деп,
Боздоп жүргөн мындан көп,
Басмайылы үзүлүп,
Шашып жүргөн мындан көп,
Айзасы кыйрап белинен
Айбалтага камынып,
Алапайын табалбай
Качып жүргөн мындан көп.
Ортого калып оңшондоп,
Оңдурбай кытай токмоктоп,
Алапайын табалбай

www.bizdin.kg



Антаң уруп энтеңдеп,
Шашып жүргөн мындан көп.
Айласы кетип корголоп,
Адырмакка жашынып,
Качып жүргөн мындан көп.
Бет алышып кыргынга
Турушканы мындан көп.
Былчылдашып чуу болуп,
Урушканы мындан көп.
Сары кандын Калыгы
Калдайды сайып түшүрүп,
Адамга пайдасы тийген жарыгы.
Бакайдын уулу Байтайлак
Бу да маңдайда жүрөт салышып,
Аргынкандын Сарыкан
А шерлик кылып абыдан
Эңкейиште эр саят.
Эрендер жайы ушундай
Экиден катар тең саят.
Туучунагын туйлатып,
Кирген жерден кытайды
Кырып жүрөт кыйратып,
Туучунак менен ойнотуп,
Жеткен жерин сойлотуп,
Каарланып бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Айгайлатып кытайды
Алдыга кадам бастырбай
Кайра айдап сапырып.
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап.
Кемегедей бир жерди
Кемире чаап оюшуп,
Кепини ушул болду деп,
Кийими менен коюшуп.
Кабарман өлүп, кан өлүп,
Кармашкан жандын баары өлүп,
Катуу бүлүк, чоң кыргын
Калайман болгон ызы-чуу.
Кайраттуулар шерлери,
Кандуу канга канышып,
Качпай туруп салышып,
Катуу бүлүк, чоң дүрбөөн
Кан төгүлүп, эр өлүп.
Мындай мүшкүл ким билген,
Кытайды кыргыз сүрдү эле,
Кайкалатып какан деп,
Каптап кетчү кытайды
Кайра тозуп жүрдү эле,
Тоо түбүндө Жамгырчы,
Бет жагында Сары кан,
Маңдайлашып Байтайлак,
Жоо ичинде Шайымбет,
Жобосу ачык, чоң дүрбөөн
Эрен өлүп, кан өлүп,
Бу кыргынды ким билген.
Кара мунар буу болуп,
Как жарылган чуу болуп,
Сайыштан берен озду эле,
Кайнап жаткан капырды
Кайра тартып токмоктоп,
Токмогуна чыдабай
Кытай качып шокшоктоп.
Кара курттай капырды
Кайра тартып сапырды.
Адырга кытай аксактап,
Дыргып качып шокшоктоп,
Кыргыз тийип кытайды
Сапырып айдап токмоктоп.
Белеске таяп туу кылып,
Беттешкенин чуу кылып.
Белгилүү эрдин тукуму
Белге таяп барды эле.
Бек арысланы Коңурбай

www.bizdin.kg



Беттеп карап калды эле,
Кыйгап качкан кытайга
Кыргынды кызык салды эле.
Алгаранын оозун
Буруп ийди Коңурбай,
А кытайга бир кыргын
Кылып ийди Коңурбай.
Манжууга балаа баштады,
Таш сайынган кытайды
Таш сайганын токмоктоп,
Качып шашкан кытайды
Калтырбай кырып таштады.
Белгилүүсүн, кандарын
Бейпай кылды Коңурбай,
Бөтөн качкан эрлерин.
Беттеп кырды Коңурбай
Кытай болбой жерге кир,
Калмак болбой көргө кир!
Ааламды буй кылган
Эр Коңурбай мен элем,
Кумурскадай кайнаган
Кытай, калмак сен элең.
Кайра качып каныңар,
Кызыталак буруттан
Кырылыпсың баарыңар.
Элин көрсөң минтесиң,
Эри Бакай, Семетей
Эми келсе кантесиң?
Баласын көрсөң минтесиң
Баатыр көкжал Күлчоро
Мунусу келсе кантесиң?
Камап алар буруттан
Качып үркүп шашасың,
Калбай эрен чырдашса,
Анда кайда качасың?
Урушка кирсең минтесиң,
Уялбаган каканчын
Улугу келип урушса
Ошо кезде кантесиң?
Бээжинде турдум жер жайлап,
Калдайыңды, каныңды
Бурутка бузук салууга,
Олжо кылып алууга,
Айдап чыктым алпыңды,
Каалап келдим калкымды.
Калдайыңды, каныңды
Калтырбай айдап баарыңды,
Улугуңду шериңди,
Урушуп жоодон сактадым,
Кызыталак Бээжинди.
Чынмачында Чоң-Бээжин
Чынмачыңды жер жайлап,
Чымчышаарым бурут журт.
Бурутка бузук салар деп,
Мурунку кегим алар деп,
Таштуу калдай каныңды,
Такыр жыйып баарыңды,
Бу кыргыздан качасың,
Кырылып кет, кытай журт,
Кудай алсын баарыңды!
Улуңтуңду, Дыңшаңды,
Улуктан тандап мынчаңды,
Калдайыңды, каныңды,
Калтырбай айдап баарыңды.
Бээжинге чийдим сызыкты,
Кыргызга кылсам кызыкты.
Кыргыз эмес, курган жан
Мен кылымга салам бузукту.
Улугуңар, каныңар,
Уй буруттан качкынча
Кырылып кет, баарыңар!
Мен Бээжинде турганда
Бейшекер аш жечү элем,
Белгилүү журт турганда
Он сегиз миң ааламды
Ойрон кылам дечү элем,
Ойлосом ушу башында
Калк каалаган жериме

www.bizdin.kg



Коргон кылам дечү элем.
Чың Коңурбай мен болуп,
Чынмачынды Каканды
Корук кылам дечү элем.
Чымаан журтум барында
Чын урушкан адамды
Соруп салам дечү элем.
Чындап чапчып жеримди,
Там кылармын дечү элем.
Чын какандын бул журтун
Чын урушса ааламга
Кан кылармын дечү элем.
Кармалашкан жеримди
Кайран журтум барында
Дан кылармын дечү элем.
Себилдерим сексен төрт,
Менин серпишкен жагым күйгөн өрт.
Беттешкеним Жамгырчы,
Журтум, бейпайды бере салыпсың,
Кармашканым Сарыкан
Журтум, качып үркүп алыпсың.
Адам, сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда айдаса
Кабыландай жойлогон.
Кызыталак буруттан,
Кыжылдаган журуттан
Кыйындап үркүп алыпсың.
Кара курттай эл элең,
Жерди карап кылуучу,
Көптүгүң мынча сел элең.
Карган Бакай каны жок,
Семетей менен Күлчоро
Канкорунун баары жок,
Жамгырчыдан качканча
Кырылган кытай ары жок» –
Деп, ошентип, Коңурбай
Ачууланып эр Калча
Калдайларын, кандарын
Калтырбай кырып барларын,
Анык канкор чоң бүлүк
Ай Коңурбай, эр Калча
Канчаны кылган көйкашка.
Канкорлугу шерлиги,
Эң кайраттуу эрлиги.
Билсең түрү бир башка.
Кең Бээжинде туулган,
Алөөкөнүн Коңурбай
Ааламга салат чуулган.
Алөөкөнүн Коңурбай
Айбаттанбай калбады,
Арыландай күркүрөп,
Эр Калчанын жаңжалы.
Эр эмеспи Коңурбай
Эл качканга кайран эр
Амызданбай калбады.
Капаланып Коңурбай
Бөрүдөй көзү жайнады.
Каарланып тиштенип,
Өз мүлүгүн Коңурбай
Бөлө-бөлө чайнады.
Коңурбай түрүн көргөндө
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрү дүркүрөп,
Таш сайынган кытайдын
Тазасы жандан түңүлдү.
Он башчысы оруктоп,
Миң башчысы жүгүрүп,
Калбай кытай, кап манжуу
Калганы жандан түңүлүп.
Каарды Калча баштады,
Калбай кытай чуркурап,
Жандан кечип таштады,
Күчөбөй Калча калбады,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн айдады.
Кытай болбой жерге кир,
Кыргыздан үркүп качкыча

www.bizdin.kg



Куудай сакал карыңар,
Кырылып кет баарыңар!
Кагыштын жайы ушундай
Калдайың кир, каның кир,
Калбай журтуң баарың кир!
Улукчан чыгып, шериң кир,
Ушунчалык эриң кир!
Жалгыз көздөн эр Дыңша
Бурутту кырды ал мынча.
Бакай менен Канчоро
Оргон окшойт ал Дыңша.
Жапа салып калганы
Соргон окшойт ал Дыңша.
Буруту кууп кандарын,
Кырган окшойт барларын».
Деп, ошентип, Коңурбай
Журт токмоктоп каптатып,
Кагышты Калча жыйды эле,
Калтырбай айдап Бээжинди
Эрдикти эпсиз кылды эле.
Калдай уулу капырдын
Кан Коңурбай баатырдын
Каалаганы чоң Дыңша,
Ишенгени бир мынча.
Кантсе бүлүк салды деп,
Кагышка чыккан бурутту
Калтырбай кырып салды деп,
Ишенгени чоң Дыңша,
Дыңша эрдиги бир мынча,
Кайнап жаткан кытайга
Сүрөөн салып шерт кылып,
Чоң Дыңшаны кеп кылып,
Чоң ишенип Коңурбай
Алгара оозун бурду эле.
Айбаттанып эр Калча,
Сөлөкөтү бир башка,
Каптап кет деп элине,
Кайратын айтып Бээжинге
Эр Коңурбай чамынды,
Чамынсаң акыл табылды.
Бүткүл тыргоот, манжуусу
Жоо кайдалап камынды,
Айтып оозун жыйганча
Өлгөн менен тириктин
Санатын айтмай адаты,
Түмөн колдун канаты,
Ааламдын баарына
Кабар салмай адаты.
Бөтөн жол менен желди эле
Бөтөнчө күлүк желдети
Коңурбайга келди эле.
Эр Коңурбай Калчага
Көргөн менен билгенин
Баяндап айтып берди эле.
Карган Бакай кан чыкты,
Кайратынан жан чыкты,
Өзү канкор Семетей
Буурул атчан шер чыкты,
Шамдагайы болжолсуз
Бир сур атчан эр чыкты.
Дүбүртүнөн жан чыгып,
Кармаш кылып кан өлдү,
Ага кабылган жандын баары өлдү.
Дыңша, Мадаң кан өлдү,
Кабылгандын баары өлдү.
Беттешем деп, калк өлдү,
Сенин миң балбаның жалпы өлдү.
Каарды катуу баштады,
Калтырбай кырып таштады,
Эң керектүү калк өлдү,
Кезигишкен жалпы өлдү.
Думөктү канкор баштады,
Мадаңшаны өлтүрүп,
Капыр түркүгүн суурул таштады,
Белгилүү Дыңша кан өлдү,
Дыңша өлбөй, ай, баатыр,
Кез болгондун баары өлдү,
Дыңша өлгөн жок, бел өлдү,

www.bizdin.kg



Калың кытай эл өлдү,
Кадырлуу Дыңша шер өлдү,
Белгилүү өлдү, кан өлдү,
Бет алгандын баары өлдү,
Дүмөктү түптүз баштады,
Эрендериң талкалап,
Түгөл кырып таштады.
Айтканымды билип ал,
Асыл Калча тилими ал».
Деп, ошентип Жөөжелдет
Буу кабарды укту эле,
Дыңша журттан мыктуу эле,
Мадаңча, Дыңша кан эле.
Урушаарым жоо бурут,
Берен да эле, шер да эле,
Бел байлаган эр да эле.
Мадаңча, Дыңша кан өлдү,
Мына баатырың Калча эми өлдү.
Кыйыныңар, каныңар,
Кылча бүлөөң түк калбай,
Кыргын болуп калыңар.
Жабыла качып Бээжин журт
Көргөнү келген экенсиң,
Жалаң кыйрап буруттан
Өлгөнү келген экенсиң.
Капта десем каканчы
Кашатка жетип коңупсуң,
Калбай алпың кырылып,
Өрт өчкөндөй болупсуң.
Мадаңча өлдү, каның өл,
Дыңша өлгөндө калың журт,
Бириң калбай баарың өл!
Сакалдууңар, каныңар,
Кырылып кет баарыңар!
Айкай жаңжал кургула,
Кылча бирөөң калбастан
Кыжылдаган акмак журт,
Кыргын болуп тургула.
Улуңтугу Дыңшага
Кыргын болгун мынчага.
Кытайдан Дыңша эр өлдү,
Алгаранын оозун
Буруп турду Коңурбай.
Өз чачын өзү талкалап,
Жулуп турду Коңурбай,
Каарланып кайгырып,
Куруп турду Коңурбай,
Дыңша менен Маадаңша
Каралды кылган шер эле.
Сазаңшаңдын элинен,
Атайы каалап Бээжинден
Алып келген шер эле.
Кагышка келип кайрылып,
Кантип кайтам каканга
Буларымдан айрылып.
Чоң Дыңшадан кайрылып,
Чоң балбандан айрылып,
Бузулган экен биздин түш,
Буруттан кыйын кан өлүп,
Кылымда барбы ушул иш?»
Каарланып Коңурбай,
Каарынан Калчанын
Жер силкилдеп, тоо көчүп,
Кайраты мындай доңуз ай,
Жазайылды салынып,
Жалаңкыч түрлүү эр Калча
Жаңжуң айдап чуу кылып,
Эрен Калча камынып,
Артында такоол көп улук.
Алгараны алкынтып,
Ээлендирген кара аты
Эри өлгөндөй жулкунтуп.
Кайраты бар жолборстой,
Кагышкан аман болбостой.
Каарланса сеңирдей
Кармашканды жегидей.
Көк күбөлүү тон кийип,
Көк арысландай чамынып,

www.bizdin.kg



Көрсөң көкжал Коңурбай
Жекеге чыкты камынып.
Жоо кайдалап бакырып,
Берен болсоң бурутум,
Бери чык деп чакырып,
Кыйын болсоң бурут журт,
Кыйла балбан ыктууң чык,
Кыргын салчу мыктууң чык!
Каарлуу кыйын шериң чык,
Кагышка кыйын эриң чык!
Казат кылсаң ушундай
Эрениң чык, шериң чык,
Беттешүүгө эриң чык!
Каарым келди кагышам,
Арданып кеттим алышам!
Ай караңгы бүркөлүп,
Түн болгончо салышам,
Кырк кан эли кырылып,
Бир болгунча салышам.
Кана, бурут, чыккын деп,
Көрсөң балбан Коңурбай
Көпкөк болот айза алып,
Жалаң кылыч байланып,
Билеги чулу, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек.
Ажыдаардай айбаты,
Ак арыслandай кайраты.
Баатырлыгы, шердиги,
Мендеден бөлөк Калчанын
Бепбелгилүү эрдиги,
Айбаты катуу Калча кул
Ай караңгы түнгө окшош,
Күркүрөсө эр Калча
Күркүрөгөн күнгө окшош,
Кабагы кери буткулдай,
Кагышканды Коңурбай
Аты менен жуткандай.
Бели катуу Бээжиндин
Бели эмеспи Коңурбай.
Жер жайнаган кытайдын
Шери эмеспи Коңурбай.
Чымачындын какандын
Бели эмеспи Коңурбай.
Керүү да ошол, там да ошол,
Керишке мыкты Коңурбай
Кечилдин мыкты каны ошол.
Балбандыгы башкача
Кармашканы кызыл өрт,
Чылгый балаа Коңурбай,
Чындаса мындай доңуз ай.
Кырк кан эли дээр экен,
Кытайлардан Коңурбай
Бээжинге бүткөн бел экен.
Калың кытай какан журт
Коң төрөбүз дээр экен,
Жекеге Калча бөлүнүп,
Аскар тоодой көрүнүп,
Каарланып бакырып,
Карасаң мындай Коңурбай
Эриң кел деп чакырып.
Көпкөк темир кийинип,
Чамынганы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой.
Кайраттанып күүлөнсө,
Бурут ой деп сүйлөнсө
Кылымды кырып кеткидей,
Кыргыз эмес, бу Калча
Таш талканын чыгарып,
Бет алышкан пендени
Бейпай кылып кеткидей.
Жекеге чык деп чамынып,
Жеп ийчүүдөй камынып,
Жекеге чыгып алдырсаң
Деген сөзгө көн бурут,
Кан боломун элиңе
Сураганым бер бурут!
Айтканыма көнбөсөң,
Сураганды бербесең,

www.bizdin.kg



Түбүңө чогуу жетем деп,
Түк немең калбайт бурутум,
Түгөтүп кырып кетем деп,
Ачууланып айкырып,
Эриң кел деп чакырып,
Коңурбай минтип турду эле.
Каарланып күрсүлдөп,
Калайманды салчуудай,
Кармаш кылып жөн эле
Кабына салып алчуудай.
Түз качырса бу Калча
Түпкө чогуу жетчүүдөй,
Каарланып ийгени –
Дорбого салып кетчүүдөй.
Жекеге чыккан Калчаны
Эштектердин эрени,
Эр Жамгырчы берени
Калк ичинде көрдү эле.
Жамгырчы көрүп ээлигип,
Эр Жамгырчы желигип,
Каарланган капырдын,
Кайраттанган баатырдын
Астынан согуш салайын,
А да кан, мен да кан
Түзү суук ит менен
Бир түгөнүшүп калайын!
Отура калып сийбеген,
Этеги жерге тийбеген,
Буркандан башка билбеген
Колу менен жаратып,
Колосун Кудай бир деген.
Каарланган капырдын
Катынын кара баскансып,
Куугуну чукул качкансып,
Кутуруп турган капырды
Бир беттешип көрөйүн.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Каза* жетсе өлөйүн.
Каарланган капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Казат баштап беттешип,
Бир салышып көрөйүн.
Чамам келсе чапчышып,
Бир кыргынды салайын.
Чак жетпесе Калчадан
Азыр өлүп алайын».
Деп, ошентип Жамгырчы
Ак айзасын шайлатып,
Ай көкүлүн байлатып,
Эштек журтун чуулатып,
Арысландай таптанып,
Эр Жамгырчы аттанып,
Ак көкүлүн түйлатып,
Эштек журтун чуулатып,
Эңишке чыкты Жамгырчы,
Жеке айза сунганга,
Жекелешип урушуп,
Жети күн уруш кылганга
Белге чыкты Жамгырчы,
Беттешери Коңурбай,
Шерге чыкты Жамгырчы.
Көк күбөнү кийгизип,
Эр Жамгырчы баатырга
Көк темирден туулга
Көмкөрө башка кийгизип
Карап калкы күйдү эле,
Айкаштыра бүчүсүн
Алкымына түйдү эле.
Чылк болоттор чарайна.
Чарайна менен чаптатып,
Чылка болот каптатып,
Кыл аркада себилди,
Кан Жамгырчы баатырга
Кагышка кийчү темирди
Ай далыда себилди,
Алышка кийчү темирди
Анын баарын кийгизип,
Кийген тондо бөлүм жок,

www.bizdin.kg



Чын ажалы жетпесе
Адам жактан өлүм жок,
Бүткүл тондун үстүнөн
Боз кисени курчанды,
Кайраттанып тыңданып,
Багалеги саймалуу
Баарынан мыктуу кандагай*
Кандагайды шымданып,
Каран калган кандагай
Катуулугу ар кандай.
Атса келте тешпеген,
Аркескен чапса өтпөгөн,
Малвага башка салдырган
Каран калган жыластын
Ашаткысын кандырган.
Ийлегенде каранды
Токсон балбан толгогон,
Токсон келин, токсон кыз
Беризаада Арууке –
Берен Алмаң зайыбы
Жез оймок долу оңдогон.
Түгүнө курч койдурган,
Алтымыш теке терисин
Сыртын кесип кылдырган.
Болот эгеп жиберип,
Тигишине төктүргөн.
Белгилүү зайып Бурулуш,
Жамгырчынын Жайнаке,
Жакшы катын бу төртөө
Кашатчасын байбаалап,
Ок жаңылып кетпеске.
Кош бадана, торгой көз
Шыбыратып каранды
Болот менен саймалап,
Тышын болот сомдогон,
Чоң-Бээжинге болжогон.
Артык катын Арууке
Ар кыйшыгын оңдогон.
Жамгырчы кийди кандагай,
Эрениңе кийгизди,
Жамгырчынын Акөкүл
Кара байыр, казанат*.
Даңдуң-Башты жайлаткан,
Чымын койбой жолуна
Жети жылы байлаткан.
Күлүктүгүн билдирген,
Күндө үч убак күрүчтөн
Күрмөгүнөн илдирген,
Куйрук-жалын тараган,
Кутурганы момундай
Тоо-тоонун башын караган.
Тайгаланбайт бийиктен,
Такыр жери кем эмес,
Ташка чыкса бийиктен.
Такыр жери кем эмес,
Тоодо жүргөн кийиктен.
Жамгырчынын берени,
Алтымыш жөкөр балбаны
Атты токуй салганы,
Жоо-жарагын кийгизип,
Акөкүлдү мингизип,
Аянып кыргыз калбады,
Кечилдин каны Калчага
Керишти кенен салууга
Жамгырчыны шайлады,
Бир сайышып өтүүгө,
Аз гана кыргыз журт үчүн
Курман болуп кетүүгө,
Кара болот айза алып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кыйма сакал, тармал чач,
Кыргындан кайра кайтпастан
Эңчегей бойлуу, кең далы,
Эр Жамгырчы шашпастан,
Беттешери Коңурбай
Бек жаңжал жайы ушундай,
Жекеге чыкты Жамгырчы.
Касаба туу калкылдап,

www.bizdin.kg



Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көкжал эле Жамгырчы
Опол-Тоодой көрүнүп,
Баатырлыгы башкача
Балбандыгы бир канча
Дагдыр жетсе өлүүгө
Кечилдин каны Коңурбай
Бир беттешип өтүүгө,
Дагдырга жоктур даба деп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Сайыш кылам ага деп,
Берендиги, шердиги
Мендеден бөлөк эр көкжал
Жамгырчынын эрлиги.
Беттеп чыгып барды эле,
Алөөкөнүн Коңурбай
Алгарасын жулкунтуп,
Ай өрттөнгөн эр Калча
Алышка чыга калды эле,
Каарланып күркүрөп.
Кагышка чыккан Коңурбай
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны эрениң
Келди жетип таш майдан.
Эр Коңурбай берениң,
Сөлөкөтү-сөөлөтү,
Атка минген келбети,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк жайлоодо көрүнүп,
Тоодой кара ат менен
Күркүрөгөн эр Калча
Күрөшкөнгө чыгып келди эле.
«Керишчү болсоң Жамгырчы,
Кечил каны мен элем,
Буруттун каны сен элең
Кезегимди бериңиз,
Керишсең, бурут келгин – деп,
Ат ойнотуп ойкутуп,
Каарланды Коңурбай
Какандап ураан чакырып.
Алгара оозун бурду эле,
Күрдөлүү темир сыр найза
Күркүрөгөн эр Калча
Опол-Тоодой олкулдап,
Жамгырчыга сунду эле,
Жаадалын салып күркүрөп,
Айза менен урду эле,
Кыйшайбастан, кылт этпейт,
Кыйшалактап былк этпейт.
Эштектердин эрени,
Эр Жамгырчы берени
Кыймылдабай турду эле.
Мына ошондо Жамгырчы
Топтон чыккан мыктуу эле,
Толгон жоодон мыктуу эле,
Чоң сакалы бир кучак,
Эңкейтип менде албаган,
Эңиштен куру калбаган,
Берен экен Жамгырчы
Беттешкенде Калчага
Каарланып күркүрөп,
Жамгырчы айза сунду эле,
«Көк күбөнүн бети деп,
Көк кисенин чети деп,
Калмак ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп
Жамгырчы айза урду эле.
Көк ала сакал манжууну
Ээринен арт кетип
Үзөңгүдөн бут кетип,
Киши көрбөс чоң дүмөк
Салмак болду Жамгырчы.
Эңкейте сайып Калчаны
Алмак болду Жамгырчы.
Оңолуп Калча кеткинче,
Алтын жаак айбалта
Ала коюп имерди,
Тоодой Калча баатырды

www.bizdin.kg



Төбөгө тартып жиберди.
Малакайы кыйрады,
Түп этектен аларда,
Оолжуган Калчага
Ойронду азыр саларда,
Алтымыш кытай сан калдай
Аа Калчанын жөкөрү
Аркасынан жеткени,
Опол-Тоодой Калчаны
Айба-шайба балбаны
Жөлөп-таяп кеткени
Алты сан кытай, сан калдай,
Аа жоонун ак сакал эри Коңурбай
Каарланып бакырып,
Какандап ураан чакырып,
Жалпы кытай дуу коюп,
Жан жабыла чуу коюп,
Берени Калча баш болуп,
Бет алып кытай жетти эле,
Эр Жамгырчы кыраанды
Тегеректеп өттү эле.
Жети бөрү бир койду
Таласа тарпын коебу,
Жети сан киши бир жанды
Сабаса тарпын коебу?
Эр Жамгырчы баатырдын
Башы челек кан болуп,
Бүткөн бойдун баарысы
Кыймылдабай дал болуп,
Эрбеңдеген эки кол
Өөдө болбой шал болуп,
Шекер сындуу шилекей
Бир жутарга зар болуп,
Бек мүшкүл көрдү Жамгырчы.
Же бел байлаган бели жок,
Белгилүүсү Семетей
Медер кылган шери жок,
Сары кан, Бакай каны жок,
Күлчоро менен Канчоро
Күйдүргү эрен дагы жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок,
Жамгырчы жалгыз, кытай сан
Кызыл канга боенуп,
Чыркырады кайран жан,
Кабырганын этеги
Кат-катынан бөлүнүп,
Ок өтпөс тондун этектен
Кара кан сийип төгүлдү,
Кызыталак куу дүйнө
Кыстоого түшүп Жамгырчы
Өлүүчү түрү көрүндү.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Келберсиген эр Калча
Айза кармап айкырып,
Манжууларын чакырып,
Жамгырчыга жетти эле,
Ак көкүлдүн үстүнөн
Эр Жамгырчы баатырды
Көмө коюп өттү эле.
Аркасынан сан балбан,
Коңурбайдын миң калдай
Жетип башын кести эле.
Кара жер чаңдап кан болуп,
Кан Жамгырчы жай болуп,
Жамгырчынын Акнөкүл
Калдайга ылоо мингизди.
Жамгырчынын ок өтпөс,
Олжо кылып оңбогур
Кырк төрөгө кийгизди.
Тон-топосун талады,
Толкуп турган Калчадан
Өлбөй менде калабы?
Кан Жамгырчы өлдү деп,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран киши көрдү деп.
Асманга учту топурак,
Аскер жүрдү топурап,

www.bizdin.kg



Адам өңү кубулуп,
Эштектердин эрени
Эр Жамгырчы өлдү деп,
Капкадагы канкорго
Катуу кабар угулду.
Добулбас бекем кагылып,
Калың кыргыз, көп аргын
Атка минип жабылып.
Кайыптан акыл табылып.
Кабылан шер келди эле
Канчоро менен Күлчоро,
Эр Бакай кан, Сары кан
Жаңжал чыкты абыдан.
Баатыр канкор Семетей
Айзакерден ыктуудан,
Кармашса канга тойбогон
Толтура жүрөк, таш кайрат
Толкуну көлдөй баатырлар
Чоң ордодон аттанып,
Чоң Коңурбай колуна
Чогуу жүрдү капталып.
Эрени бар, каны бар
Эң кыргындуу чоң дүмөк
Эрегишип абыдан,
Аскер каптап топурап,
Айзакерден ыктуулар
Берен канкор Семетей
Берендигин көрдү эми,
Жоболоңдуу көкжалга
Жолдош боло берди эле.
Караандары теңдери,
Кагышка мыктуу эрлери
Кайра тартпай кагышка,
Калчага кыргын салышка,
Түк калтырбай талкалап,
Кыргынды кызык салышка
Ээр белдей мойноктон
Эңкейте кирип кол айдап,
Ал колунун баарысы
Эсеби жок мол айдап,
Колдун баары көп жайнап
Ээр белдей белести
Эр Семетей, Күлчоро
Эми чыгып таянып,
Каалап карап турду эле.
Капталып калган Коңурбай
Кайра Кудай урду эле.
Кызыл кыргын ыктуусу
Кытайлардын мыктуусу
Калдай уулу капырдын
Камынган экен баатырың,
Азар түмөн кол айдап,
Козголтуп колду чогуу айдап,
Салышка даңгыл эрди айдап,
Салмагы зор шерди айдап,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Адам өлгөн чоң дүрбөөн.
Кыйын болду мүшкүл ай,
Кыргындын жайы ушундай,
Ээр белдей белестен
Ашып калып караса,
Боз алалуу туу болуп,
Бой-бой арбын чуу болуп,
Курттай кытай кылкылдап,
Курчап кетчү эмедей
Каптаган экен былкылдап.
Баатырлары шерлери,
Эң алдында кытайдын
Айзага камбыл эрлери.
Улук Калча карысы,
Урушка чыгып баарысы.
Эр Жамгырчы өлгөнгө
Эсепсиз көөп Коңурбай,
Кутурган экен доңуз ай.
Чогуу колу бөлүнбөй,
Чогуу каптап кол салса,
Аянчу түрү көрүнбөй,
Көк ала байрак туу болуп,

www.bizdin.kg



Көк жаңырткан чуу болуп,
Эрендер колун баштышып,
Эсепсиз көп айзасын
Асмандатып аштатып,
Адырдан чыкты былкылдап,
Аңгемеси ушундай:
Жер жарылып кылкылдап,
Жамгыр сындуу жаа тартып,
Жабылды кытай бакырып,
Кол артына карасаң,
Какайлап ураан чакырып.
Козголуп киши жабылып,
Коңгуроо катуу кагылып,
Койбоочудай түрлөнүп,
Кара кытай, көп манжуу
Каптап кетти жабылып.
Керней-сурнай тартылып,
Керикке жүк артылып,
Колун каптап чуу туруп,
Козголуп кол салды эле,
Кытай, кыргыз биригип,
Койгулашып калды эле,
Кол чуу туруп чуркурап,
Аргын, кыргыз аралаш.
Кытай каптап жеткенде
Кыян жүргөн эмедей,
Кызык каптап кеткенде
Топурак каптап, чаң толуп,
Толуп жаткан жан болуп,
Кытай, Кыргыз урушу –
Кымбат болду жумушу.
Жазайылды жаман чыр,
Көтөрүп жаткан эл да көп,
Өлүп жаткан менде көп,
Эң алдында Семетей,
Асмандан түшкөн боз кисе
Кынап белге курчанып,
Кыжылдаган кытайга
Кыраанын жетип кол салып,
Орто ченин эр Бакай
Оюп келип берди эле,
Кыл ортосун Семетей
Кырып келип берди эле.
Алкым жагын Күлчоро
Айдап келип берди эле.
Өзөн жагын Канчоро
Жайлап келип берди эле,
Кутпа* жакта Сары кан
Кууп айдарың ал болуп,
Сары кандын Калыгы
Сапырып казат салды эле.
Жамгырчынын Шайымбет
Кырылышып алды эле,
Бакай кандын Байтайлак
Баскан жоого кирди эле.
Бет алышып турушуп,
Бек кыргын болуп урушуп,
Айза сынып, тоо түшүп,
Адам кулап, боо түшүп,
Сезбей серпиш салышып,
Кытай, кыргыз кыжылдап,
Камалышып турушуп,
Эрендер качпай урушуп.
Жер көрүнбөй, чаң болуп,
Эр былчыйып дан болуп,
Эсеби жок чоң жаңжал,
Эрени алча чоң балбан,
Каканды айдап каптатып,
Кан Коңурбай көкжалдын
Кыжылдаган капырдын,
Кылымды билген баатырдын
Кыраан Калчаң барында
Кыргызга салган чоң жаңжал.
Түз киришип алышып,
Түгөнүшө салышып.
Эрен өлүп, кан өлүп,
Кез келгендин баары өлүп,
Таш сайынган таза өлүп,

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Күрмө кийген күчтүү өлүп,
Айзакерден ыктуу өлүп,
Эренден мынча мыктуу өлүп,
Уйгу-туйгу кыйкырып,
Уруштун эли жөлөнүп,
Өлбөй тирүү жүргөндөр
Кызыл канга бөлөнүп,
Алышкан жери коо болуп,
Адам өлүп тоо болуп,
Чапчышкан жери коо болуп,
Ат өлүгү тоо болуп,
Жаңжалды адам биле албай,
Кол кырылып өлгөн жер.
Ат балкычтап жүрө албай,
Каарланды Семетей.
Эл камалып турганда
Кутбадан чыкты бакырык,
Эки чоро эр болуп,
Эр Семетей шер болуп,
Айгайлатып кытайды
Кайра тийди сапырып.
Кара талдай капырды
Каканга айдап сапырды.
Улуксунган кандарын
Уруштун жайы момундай
Уйпап ийди момундай.
Балбансыган кандарын,
Кыргын кылды далайын,
Калың кытай дыр коюп,
Туу качтылап чуу коюп,
Акыл кетип антаңдап,
Айласы кетип шашыптыр.
Калың колу бузулуп,
Кан Коңурбай берениң
Какан көздөй качыптыр.
Чоң бузукту көргөндө,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрү бүлүнүп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Өз жанынан түңүлүп,
Акыл кетип шашыптыр,
Эренсиген эр Калча
Бээжин көздөй качыптыр.
Берен антип турган соң,
Качкан жоону көп кыргыз
Каканды көздөй кууган соң
Аламанга келгенде,
Айкайлатып сүргөндө,
Айдап келип киргенде
Аламанды салыптыр.
Качкан жоону кор кылып,
Калган кыргыз көп байге
Чоң олжону алыптыр.
Алам деген эрендер
Алты миңден ат алып,
Ала албаган эң жаман
Алты жүздөн ат алып,
Ажалдуулар жай болуп,
Өлбөй тирүү калгандар
Айдай албай бай болуп,
Кара кытай, көп манжуу
Качып жүрүп жай болуп.
Бээжин көздөй бет алып,
Бекем шашып кытай журт
Жайнап кетип бaратат,
Семетей, Бакай баатырлар,
Күлчоро менен Канчоро
Айдап кетип баратат.
Арышы жеткен кытайды,
Жайлап кетип баратат,
Каарланып бакырып,
Камап айдап кытайды
Каканды көздөй сапырып,
Акыл таппай шашыптыр.
Арсыландар кол салганда
Алөөкөнүн эр Калча
Бээжинди көздөй качыптыр,
Курган төрө Семетей

www.bizdin.kg



Кууп чыкты Таластан,
Аргын, кыргыз аз журтту
Ажыратты азаптан.
Кытай, кыргыз урушу –
Кыйын болду жумушу.
Манастын уулу көкжалдын
Көкжалдыгын билди эле.
Көмкөрүлтүп сапыртып,
Бээжинге кайра тийди эле.
Кайкалатып кытайды
Каканды көздөй сүрдү эле.
Кайра тартып беренди
Бээжинге айдап сүрдү эле,
Кара талдай капырды
Таластан айдап сапырды,
Таластан сүрүп чыкканда
Жамгырчынын Шайымбет
Абдан жаман кайгырып,
Атасынан айрылып,
Эр Семетей баатырга
Акырын айтып, көп таштап,
Шайымбет келди кеп баштап.
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Мурдунан аккан кара суу
Булак болуп төгүлүп,
Өкүрүгү таш жарып,
Кайгыргандан Шайымбет
Бакырыгы баш жарып,
Мойнуна кисе салынып.
Семетейге жалынып:
Ата, күмүш көздүү, күн жүздүү
Аа, күркүрөгөн султаным!
Алтын көздүү, ай жүздүү
Ата, айланайын баатырым!
Капырлардын Коңурбай
Тоодой атам томкоруп,
Белимди бүктөп омкоруп,
Калың казды орумду,
Кайнатып кетти шорумду,
Мүрүмдөн үздү колумду,
Кытайлардын Коңурбай
Кылды мындай сонунду!
Суутту жаман демимди,
Капкандай чапты белимди,
Укчу, баатыр, сөзүмдү,
Чукуп кетти кашайтып,
Айнектей кара көзүмдү.
Бейпайды бекем баштады,
Берен атам Жамгырчы
Коңурбай союп таштады,
Таянганым Семетей,
Сен турасың көкжалым!
Зорлугуң тоонун теңиндей,
Жамгырчынын жаман уулу Шайымбет
Атасын жоого алдырып,
Артынан өчүн алалбай,
Же кытайга кыргын салалбай,
Аңкайып калды дедирбей,
Кан элең, казыркы сөзгө көнөгөр,
Баатыр, менин каалаганым берегөр!
Кытайга кыргын салайын,
Кыямат кеткен атамдын
Ушунтип кегин алайын!
Калмакка казат салайын,
Кайран атам чоң кандын
Ушунтип кегин алайын!
Буйругум жетсе өлөйүн,
Сары изине чөп салып,
Кечилдин каны Калчаны
Саргара кууп көрөйүн!
Атышты арбын салайын,
Атам Жамгырчы кегин алайын!
Атам Жамгырчы кегин албасам,
Артынан уруш салбасам
Туулбай тунар чөгөйүн,

www.bizdin.kg



Тируү жүрбөй өлөйүн,
Белимди бекем буюн,
Беттешип алтай салышып,
Алөөкөнүн Калчасын
Мен Бээжинге чейин кууюн,
Кагышты катуу салайын,
Кан атам өчүн алайын!
Баатыр, белсенип бейпай баштайын,
Жандан кечип таштайын.
Канкорлугум билишип,
Каканга чейин сүрүшүп,
Атышты арбын салайын.
Атам өткөн Жамгырчы
Акыры өчүн алайын,
Кырк күн тынбай салышып,
Кырылышып калайын,
Кыямат* кеткен атама
Курман болуп өлөйүн,
Былкылдак куурай бышканча,
Мыйзамдын* күлү учканча
Мыктуусунган эр Коңур
Мен мыкташып согуш салайын,
Кайран Жамгырчы уулу дедиртип,
Мен капырдан кегим алайын,
Чамам келип чапчышып.
Эр Калчаны соёюн
Чамасыз алсыз бир болсом,
Өлүм болуп коёюн.
Калдайга кагыш салайын,
Капкайда кегим алайын.
Манжууга барып кирейин,
Бээжинге чейин сүрөйүн,
Айза сайып, топ бузуп,
Кечилдин каны чочкодон
Алышып жүрүп окко учуп,
Кабырга бөлүп, кан төгүп,
Кагышты катуу салайын,
Кармалашып чочкодон
Мен качанкы кегим алайын.
Атам Жамгырчыны алдырып,
Кыргызга дүмөк салдырып,
Кантkенде тируү калайын!
Туушкан кыргыз эл элең,
Карап турган кан Семетей сен элең.
Кан Манасы башта өлүп,
Жамгырчысы эми өлүп,
Таянганы темирдей
Коңурбай кырып келди дедирбей,
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Баякы султан сен болсоң,
Деген сөзгө көнүңүз,
Атасы өлгөн жетимге
Айланайын султаным
Сураганым бериңиз,
Баатыр, буулумду берсең киейин,
Буурулду берсең минейин,
Кан ичме канкор Калчаны
Мен Каканга чейин сүрөйүн,
Көкжал, атыңды берсең аябай,
Артынан кууп жетейин.
Жамгырчы уулу дедиртип,
Мен да кыргын салып өтөйүн,
Арбуурул берсең минейин,
Айгайлатып кытайды
Мен Бээжинге чейин сүрөйүн.
Минтип ыйлап Шайымбет
Безилдеп ыйлап турду эле,
Бербеймин деп айталбай,
Атасы өлгөн арамдын
Азели көөнүн кайтарбай,
Кой, баатыр, деп кайтарбай,
Чечип берди буулумду,
Түшүп берди Буурулду,
Атасы өлгөн баатырга
Эр Шайымбет бакырга
Эр Семетей муну айтат
Эр Шайымбет баатырга
Ат көөнүнө карабай

www.bizdin.kg



Атымды бердим аябай.
Тон көөнүнө карабай
Тонумду бердим аябай.
Мунарыктап бурчтанган,
Мунарык түшүп урчтанган,
Чалкалаган Кара-Тоо
Кеңешпей ашчу тоо эмес,
Бу Кечилдин каны Коңурбай
Бу кеңешпей тийчү жоо эмес,
Бу балбандыгы башкача,
Көгала сакал чоң манжуу
Мунун көкжалдыгы бир канча,
Кебез белбоо, кең далы
Бу кечилдин каны мыктуу эр.
Бу кеп кылбай баруучу жоо эмес,
Айзакерден Калчанын
Ыктуулугу дагы бар.
Бу жоонун айласын билген эрендин
Мыктуулугу дагы бар,
Балбандыгы башкача,
Анын баатырлыгы бир канча
Ал Коңурбайдын Кара аты –
Кара атынын бар эле
Капталында канаты,
Беттешкенди бейпайлап,
Талкандай чалган адаты.
Кайраты мыктуу заары күч
Ал кармашканды кылган түз.
Чынмачыга, Бээжинге
Чыны менен туулган,
Чын алптарга, шерлерге
Чындал салган чуулган.
Анын атагын көргөн чочуган,
Көрсөң Калча ушундай
Адамдан бөлөк ал доңуз,
Өзү ажайыптан окуган.
Айласы толук, заары күч
Бул ааламга тийсе кылат түз,
Бул Шайымбет абайлабай катылсаң,
Аманат жандан күдөр үз!
Көөхардан топчу муштумдай,
Көрсөң Калча ушундай.
Көк күбө тонун жамынат,
Көрчү болсоң, Коңурбай
Көк жолборстой чамынат,
Телегейи тең ошол,
Деги, кемитпейлик Калчаны
Деги, жоонун айласын билген
эр ошол.
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Алтымыш жайсаң иниси
Бүт Бээжинди чогултсаң
Бул Алөөкө кандын уулуна
Каяша айтар кимиси?
Шайымбет, Коңурбай оңой жоо эмес,
Чууга кулак сала бар.
Каруусу толук капырдан,
Кан Коңурбай баатырдан
Качпай кирип салышып,
Атаңдын өчүн ала көр!
Эштектердин эрени,
Кыргыздын кыйла берени
Кан Жамгырчы өлүптүр.
Кайра тартпас жер алдын
Кайран киши көрүптүр,
Бек арстан атаң өлгөн соң,
Баласы элең Шайымбет
Түрү суук Калчага
Эркек болсоң, шер болсоң,
Эр Шайымбет сен болсоң
Түз кирип айза суна көр,
Калдайдын уулу Калчаны
Кагыш кылып бара көр!
Картайып келген манжуунун
Башын кесип сала көр,

www.bizdin.kg



Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жара көр!
Азапты артык сала көр,
Өлүп калган атаңдын
Кетирбей кегин ала көр.
Маңдайлашып турушкун,
Атаң үчүн, эл үчүн,
Атымды берген мен үчүн,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушкун!
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлсүн шыркырап.
Кериште кылсаң мындай кыл,
Кемегедей бир жерди
Кемирейтип ойгула,
Кепини ушул болсун деп,
Өлүп калган жан болсо
Кийими менен койгула.
Кагышты катуу салгыла,
Атаңды сойгон кытайды
Кагышып жүрүп аянбай,
Башын кесип алгыла.
Минген атта кемиң жок,
Астыңдагы Арбуурул
Кумга туулуп, ташка өскөн,
Курма жебей башка өскөн,
Кулан менен куушкан,
Кыз Сайкалдын Алгара
Кутургур менен туушкан.
Астыңдагы Буурул ат
Айгай укса шашпаган,
Ашып-шашып чуу койсо,
Оозун жайып дыр койсо,
Айдын караңгысында
Бир изинката баспаган,
Чуу укканда сөгүлгөн,
Чуркашынан кара жер
Кат-катынан бөлүнгөн.
Айза сунуп кыйкырса,
Булуттай учуп жүгүргөн.
Мушташканда карандын
Тулпарлыгы билинген.
Тайгаланбайт бийиктен,
Такыр жери кем эмес,
Талашка минсең бул Буурул
Тоодо жүргөн кийиктен.
Айкырып айза сунганда
Баскан жери быркырайт,
Булуттай учуп дыркырайт.
Оолукканда бул караан
Оозунан көбүк чачылат,
Айкырып айза сунганда
Умачтай көзүң ачылат.
Ок жетпеген Арбуурул
Кагышса жоону как жарат.
Кан Жамгырчы өлгөн соң,
Кармашка бердим Буурулду.
Капаланган адатым –
Шайымбет, Буурул ат менин
канатым.
Таштуу жерде тарта көр,
Ташка бутун салбасын,
Дардактап аксап кокустан
Коңурбай кармап албасын.
Кызыкты кымбат салбасын,
Кылычтап башын албасын.
Атың менен экөөңдү
Өрт өчкөндөй кылбасын.
Ийниндеги Аколпок
Табылгы жакса чок өтпөйт,
Очогор атса ок өтпөйт,
Менин кабылан энем Каныкей
Күндүзүндө уйку албай,
Түн ичинде тынч албай,
Ичин жибек иштеген.
Иштүү катын, сулуу кыз
Чогулушуп тиштеген.

www.bizdin.kg



Тиктеп турса тим эле
Адамдын көзү талыккан,
Болоттон кылган шибеге
Беризаада Арууке
Берен бейбак кайыган.
Болжоп адам турбаган,
Кайыганда каранды
Болоттон кылган шибеге
Быт-быт болуп кыйраган.
Жакпаганын сөктүргөн,
Болот өгөп жиберип,
Ортосуна төктүргөн.
Арыптап окту сологон,
Каранды жасап турганда
Атакемдин казына
Арбыныраак корогон.
Асыл энем Каныкей
Алышка мыктап жорогон.
Топчусу көөхар, жеңи алтын,
Калың айза кез болгон,
Кармаса жумшак боз болгон,
Ойрон атам өлгөндө
Олжого кетип Аколпок
Өзүмө туура, кез болгон,
Алышкан жоого кийгенде,
Айкырып жоого тийгенде,
Айзалашса айза өтпөс,
Акыл ойрон ой жетпес.
Аманат жандын коргону,
Ар түйүндөп машаган,
Берен узчу Каныкей
Жоого ылайыктап жасаган.
Жыртылганын септеген,
Букара өскөн кесек ит
Булайт кийип салганда
Беш жыл жүрүп эптеген.
Кыйшык жерин койбогон,
Кымбат анан оңдогон,
Алдырып койсоң жаманат,
Аколпок саа аманат!
Жамгырчы уулу чын болсоң,
Буурулду бердим мине гөр,
Кара курттай капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Улуңту, Бээжин, Дыңшага
Улугум атын бербей койду деп,
Уятың мага калбасын,
Уруш салчы мынчага.
Түрү суук кытайга
Түз кирип айза салып кел,
Манжуунун каны Эзкара
Атаңдын кегин алып кел.
Же мөөрөйүң алып шаң болгун,
Жаман болсоң Шайымбет,
Же чылбырды сүйрөп маң болгун.
Береги атабыз душман Коңурбай
Бет алышып турушкун,
Арманың менде калбасын
Шайымбет, аябай кирип урушкун.
Кан Коңурбай көкжалдын
Кара курттай калкы бар,
Катылгандын баарысын
Кайра тарттырбай Коңурбай
Канын ичмей салты бар».
Деп, ошентип, Семетей
Ат көөнүнө карабай,
Атын берип аябай,
Алаңгыча турду эле.
Теңиз төрө алдынан
Буурулунду сурады,
Көкжал ээси берген соң,
Темир таман үзөңгү
Теппей ыргып чурады.
Аколпокту кийген соң,
Кытайдан атам өлдү деп,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран атам көрдү деп.
Жамгырчынын Шайымбет

www.bizdin.kg



Көңүлү кетип бөлүнүп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый төгүлүп,
Атасы көкжал өлгөндө
Өлөмүн деп өлө албай,
Же өз жанын өзү кыялбай
Чылгый ичи өрт болуп,
Чыдай албай Шайымбет,
Атасын санап ал кургур
Кабырганын этеги
Кат-катынан бөлүнүп,
Буурул менен булкунтуп,
Опол-Тоодой көрүнүп
Чыңыроон тартып жез найдан,
Чымчык учпас кең сайдан,
Каарланып жайланып
Эштек, кыргыз баарысы,
Жашы менен карысы
Ажал жетсе өлүүгө
Өлбөй тирүү ал келсе
Эр Шайымбет баатырга
Караан болуп берүүгө,
Билге жүктөп ок алып,
Эштек колун чогуу алып,
Айзакерден ыктуу алып,
Айласы толук мыктуу алып,
Кара мылтык карс этсе
Качпай турган элди алып,
Чогоол мылтык чорт этсе
Чочубай турган шерди алып.
Жоо бөрүсү эрди алып,
Шайымбеттин калың кол –
Кан Коңурбай баатырга
Казатка чыккан ошол жол.
Асманга учуп топурак,
Аскер кайнап топурап.
Уңгусу болот, учу курч
Учмактуу болот сыр найза
Асмандатып аштатып,
Журт туруп чуркурап,
Жаңдан кечип таштатып,
Эр Жамгырчы өлгөндө
Эл чуркурап кол каптап,
Эрикпей жаңжал болууга
Эсеби жок мол айдап,
Жазайыл кармап, жаа тартып,
Жалпы кол каптап буркурап.
Кол алдында урааны
Кан Манастап чуркурап,
Жаңжалды жаман баштады.
Казаттын жайы ушундай
Жайнаган кытай, кеп кыргыз
Жаңжал жайы бул экен
Жандан кечип таштады.
Журт кыжылдап чуу туруп,
Добулбасты карс уруп,
Айкай жазган чуу туруп,
Адамдын башы кагышып,
Айзанын башы чабышып.
Жаңжал мындай болобу,
Жаман дүрбөн, чоң бузук
Жалынса жанды коебу?
Он адамга бир адам
Башчы коюп салыптыр.
Элүү адамга бир адам
Жакшы коюп салыптыр.
Жүз башчысы жүгүрүп,
Миң башчысы бир башка
Өз жанынан түңүлүп.
Он башчысы ороктоп,
Элүү башчы, жүз башчы
Чети менен сороктоп.
Эрендин баары ээлигип,
Балбандардын баарысы
Жоо кайда деп желигип.
Балбандары, шерлери
Четки жагын боштотуп,
Балбандары, алптары

www.bizdin.kg



Жинургандай коштотуп.
Калк дүркүрөп жабылып,
Кериштин жайы ушундай,
Кериней-сурнай тартылып.
Керишке келген калың эл
Азапка өзү чатылып,
Ортосунда дүрүлдөп
Жазайыл огу атылып,
Боз атчаны бөлүнүп,
Эрендердин баарысы
Чет-четинде көрүнүп.
Ээр белдей белестен
Эңкейип барган жеринде
Каныкейдин Көтөрмө,
Көтөрмөнүн-Белинде
Көтөрмөнү ашты эле,
Сары-Өзөндү басты эле.
Адыр-күдүр белести
Ашып түшүп келгенде
Калк жыйылып караса,
Калк аманын каалаяса,
Эки жакты караса,
Эл аманын каалаяса,
Ай касаба туу турат,
Асман жарган чуу турат.
Боз мунарык, күйгөн чаң
Мунарыктын алдында
Кайнап жаткан калың жан.
Толкуп жаткан көп караан
Токой десең эл экен,
Белеске чыкса жылтылдак
Жылдыз десе от экен.
Кумурсканы көр, куртту көр,
Ошол куртчалык көп журтту көр.
Албан түрдүү алпы бар,
Адам көргүс калкы бар.
Аттанып Бээжин шаарынан
Келген экен каркыбар.
Бараандары жолборстой,
Баарынын түрү ушундай,
Басташкан аман болбостой.
Кынжылалуу балбаны,
Ал балбанды бошотсо
Алышкандын жөн эле
Чыга турган далдалы.
Ал балбандын ичинде
Чоңдугу тоодой зорлору,
Тегиз балбан кытайдын
Балта чабар баатыры,
Балбан Калча капыры.
Кыймылы журтка тан болуп,
Туу кармаган Эзкара
Тутанып өлгүр ал болуп,
Жөө күлүктөн Ылама –
Балбандын жайын сураба.
Каны буйрук кылганы
Каптап кетпей турабы?
Кол ичинде Коңурбай
Кабагы бийик середей,
Караанын көрсөң Калчанын
Өзөндө тоо дөбөдөй,
Караны башка жолборстой,
Баатыр эр Калча ушундай,
Басташкан аман болбостой.
Дөөкүрсүп Калча жыгылса,
Өзөндү тосуп алгандай,
Өлгүрдүн сыны ушундай.
Өлөмүн деп жандар барбаса,
Өлчөөсүн көрсөң Калчанын
Ааламдын баарына
Шер жаралган ар кандай.
Толкуп Калча чапчыса
Тоо туруштук бергисиз,
Айбатын толук көргөзсө
Адам эмес Калчага
Ала-Тоо туруш бергисиз.
Күркүрөсө түгөнгүр
Ааламды күткүдөй,

www.bizdin.kg



Алты кабат кара жер
Калыңынан түткүдөй.
Көп болжолун кааласа,
Көз чуңкурун караса
Көлү соолгон жерге окшоп.
Ай маңдайын караса
Бай жайлаган төргө окшоп.
Кааары чыгып бетинен,
Карайлабай Калчаны
Калың кытай бөлүнүп,
Калык ичинде Коңурбай
Боз дөбөдөй көрүнүп.
Алтындаган сыр канжа
Адам түрү бир бөлөк,
Алачыктай чоң Калча.
Эки беттин чын оту
Кой жаткан аппак талаа окшоп,
Эки мурун чуңкуру
Эл кыштаган сайга окшоп.
Эрендиги мына мындай –
Ошонун эрен эри Коңурбай.
Кайгырганда жөн эле
Ааламды буй кылган
Айласы мыктуу деңиз ай.
Каканчыга орноткон
Темир коргон чеп экен,
Бет алып менде барабы,
Муну менде жеңип алабы?
Бул Кудай урган кеп экен.
Кайсаганы камандай,
Катылган аман калабы!
Баатыр Калчанын жайы ушундай –
Шуру отогот, маржан таш
Бул Коңурбай кандын жанында
Луңтуң  каны аралаш.
Луңтуңга Калча күүлөнүп,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүнө сүйлөнүп,
Манжуунун баары бүгүлүп,
Карапчы кийген кандары
Кан Калчанын алдына
Келин болуп жүгүнүп.
Бул Алөөкөнүн Коңурбай
Берендигин кааласа,
Бул келберсиген чоң кандын
Чоң эрдигин караса,
Дүңгүрчөктө тамеки
Аябаган кол менен
Алты чеңгел алды эле,
Канжасына салды эле,
Эр Калчанын чоң канжа
Адам эки эли толбой калды эле.
Кытай оттук, боор таш
Кырып жиберип чок коюп,
Канжасынын оозуна
Эң эле аз болгондо
Жолум үйдөй от коюп.
Канжа сорсо коркурап,
Кое берсе түтүнү
Кол ыштык болуп буркурап.
Алты миң кытай, сан калдай
Алапайын таба албай
Адашып турду чуркурап.
Кол ичинде дөбөчө –
Дөбөгө мунар жагылып,
А дөбөнүн үстүнө
Коңгуроо бекем кагылып.
Коңгуроону караса,
Ал Калчанын билими –
Коңгуроосун урганда
Алты күндүк жерине
Ырас экен тийими.
Коңгуроо катуу кагылып,
Жер силкинтип суу каптап,
Калың кытай, көп калдай
Атка минди жабылып,
Аламан коюп, сан менен
Калган экен камынып,

www.bizdin.kg



Ай касаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Күчтүүлөрү шаңданып,
Жөө күлүгү камданып.
Алпынын баары желигип,
Калдайлары камынып,
Кан Калчанын үстүнө
Такыр келип жабылып.
Жоо кайдалап балбаны
Калчаны карап калганы.
Айкай салды Коңурбай
Каарланып какайып,
Айбаттанды доңуз ай.
Манжуу каптап шашпады,
Манжууларын Коңурбай
Соруп ие таштады,
«Билесиңби, көп кытай
Капкалуу Бээжин, Кара-Шаар
Жердеп турдум жер жайлап.
Кармашарың көп бурут,
Калтырбай айдап баарыңды,
Айдап келдим кембайлап.
Чынмачындан токойдон,
Аркы жагы Дыңшадан
Кол чогулса мынча жан,
Кара курттай калк болуп,
Каптап келип Бээжинди
Кайнап туруп кол салдык,
Кагыштан канча кан өлдү,
Журттан качан олжо алдык.
Азганакай буруттан,
Бурут деген журуттан
Өлтүрөйүн деп келип,
Өрттөнүп кеткен бир кытай
Өз дүйнөңү чачасың.
Өрөпкүп калган сен журтум,
Сайыш кылып чабышпай,
Бет алган жоону алышпай,
Бээжинге кантип барасың?
Бет алышып урушуп,
Көрбөйт деген эмине?
Калайман албай кыргыздан
Өлбөйт деген эмине?
Бир жазасын буруттун
Бербейт деген эмине?
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Түгөл кырып бурутту
Албайт деген эмине?
Былкылдак куурай бышканча,
Мыйзамдын күлү учкунча
Мыктап алты ай салышып,
Бет алганда бурутту
Кырбайт деген эмине?
Жабыла каптап буруттун
Эрендерин сайгыла,
Эң бир начар жаманын
Денекул кылып койгула.
Каптап келип буруттан,
Качып кантип кетели?
Көп намызды бул жерге
Чачып кантип кетелик?
Чокмор алган балбанын,
Чоң жаңжалды салганын
Кызыталак буруттун
Буласын бузуп алгыла,
Бузукту мыктап салгыла.
Балбандарын, шерлерин,
Баатырларын, эрлерин
Беттеше келсе кыргыла,
Таш майдандап чыккыла.
Тазалап чогуу кыргыла,
Күрмө кийген күчтүүлөр
Талкан кылып кыргыла.
Экениң Калча мен үчүн,
Топон суу келсе былк этпес
Толгон кытай эл үчүн,
Этектүү кытай биздин эл
Эңкейип жетер эл эмес.

www.bizdin.kg



Эсеби жок Чоң-Бээжин
Душман алуучу жер эмес.
Ал Бээжинди жердеген
Биздин кытай калың журт
Эч кимдер муну жеңбеген.
Азганактай бурутту
Албай кантип кетели,
Бир кыргынды бу журтка
Салбай кантип кетели?
Жер жайнаган калың кол
Жекеге чыгып урушуп,
Жер өрттөнсө ушул жол
Кагыш болуп качпаңар,
Энтелеп шашпаңар.
Берендерин кармаңар,
Тыйпыл кылып баарысын
Каптап кытай жеткиле,
Кагыштын жайы ушундай
Чогуусу менен бурутту
Чогуу кырып өтүңөр.
Ала-Тоо бизге жер эмес,
Бурут бизге эл эмес.
Кабарыңда бар бекен,
Кара кытай манжуу журт
Мунун улугу экен Кара кан.
Ал Кара кан өлгөндө
Кара кандын сегиз уул
Боортоктоп жаш калып,
Болбой баары мас калып,
Менин атам Алөөкө
Морго-Калаа шаарына
Ак үйлүү болуп туруптур.
Душманын билип буруттун
Менин атам кырыптыр,
Кара кандын сегиз уул
Камчыга ченеп бөлүптүр,
Атакемдин колунан
Кайраттуусу өлүптүр,
Кайраты жок жаманын
Олжо кылып бөлүптүр.
Бирөөн айдап эренге,
Жазасын минтип бериптир.
Бирөөн айдап казакка,
Бирөөн айдап азапка,
Бирөөн айдап Алтайга,
Бирөөн айдап Каңгайга
Алымды артык салыптыр.
Атаңкөрү буруттан
Капкайда кекти алыптыр.
Айдалып барып, ал Жакып
Алтайга айыл конуптур.
Бичип, бичип даңса окуп,
Биздин элче болуптур.
Түбү бурут куу Жакып –
Түгөнгүр окшойт бу Жакып,
Кытаймын деп өрттөнгүр
Калмакча мал айдаптыр.
Караганга көргөнгө
Дегеле кыргыздык түрү калбаптыр.
Кыйла журтту мына минтип,
Кысталак Жакып алдаптыр.
Бурут экен бул Жакып,
Чуулган салган Алтайга
Чубут экен бу Жакып.
Чубуттугу ашыптыр,
Агар алтын, сан күмүш
Жагданга батпай ташыптыр.
Байлыктыгы чочконун
Алтайлыктан ашыптыр.
Катыны тууса куу бурут
Сан караны союптур,
Ааламга жетер той кылып,
Кара калмак, кытайды
Өртөңгүрдү көрдүңбү
Аш менен алдап коюптур.
Катыны тууса баласын
Кыргызча аты Эр Манас,
Кытайча аты Чоң-Жинди

www.bizdin.kg



Кызыталак канкордун
Манастыгын ким билди?
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, кол салды,
Жолсуз жерге жол салды,
Кытайдан Орго эрди алды,
Колу жетип канкордун
Оркойгон тоолуу жерди алды.
Ала-Тоосун жер кылып,
Азган-тозгон кыргызын
Жыйып жүрүп эл кылды,
Үрөндөгөн балбанды
Үрүмчөгө жай кылды.
Үйрүлгөн ээси ушу деп,
Эйбит Таздын Үрбүсүн
Үрүмчүгө кан кылды,
Кургулуктун шаарына
Жердеген кытай даңгы журт
Ырымы бөлөк заары күч.
Жылан, чаян жей берген
Кырк уруктун бирөөсү
Уйду Кудай дей берген,
Ошо журтту талкалап
Жадалдыкты баштады,
Жаман кырып таштады,
Качыр биттеп, ат кылды,
Каранды бузуп там кылды,
Ошол журттун өзүндө
Бай деген кишини кан кылды.
Айза сунду ал канкор
Чай алуучу кенди алды,
Андан кийин ал канкор
Алтын чыкчу жерди алды.
Топон шаар жолунан
Топурак ак чий боюнан,
Чоң Жолой балбан колунан
Кармашып Манас чыр салды.
Эр Дөңкөнү баш кылып,
Тогуз нукерди бир кырды,
Тозокту катуу баштады
Токсон эри бир тийсе
Жабдыгын кесип таштады.
Канкорлугу билинди,
Артык канкор экен деп,
Өрттөнгөн Манас атагы
Ошол жол салган чатагы
Какандын каны Бээжиндин
Бичигине чийилди.
Доомоктун суун бойлоду,
Кара жолтой канкорго
Согушкан аман болбоду.
Алыша чыгып атайы,
Алп-дөөнүн баары сойлоду,
Каарды Манас баштады,
Менин атам Алөөкө,
Алты миң дөө шер менен
Ак-Сууга кырып таштады.
Кумда атам союлуп,
Кургуруңдун чатагы
Сурасаң таап аласың
Кум-Арык дайра атагы.
Азыр турат белгилүү
Ал канкордун чатагы.
Эрендерин алгыла,
Эрен эмес жаманын
Эсепсиз кырып салгыла.
Айлын каптап киргиле,
Айгайлатып бурутту
Койбой кырып сүргүлө.
Койдой кордук салгыла,
Берендерин, шерлерин,
Белгилүү Бакай эрлерин
Бет алып байлап алгыла.
Аламан коюп киргиле,
Чалкалаган буруттун
Чамасы канча билгиле,
Тегеректеп өткүлө,
Жазайыл атып, жаа тартып,

www.bizdin.kg



Мөндүр сындуу ок атып,
Тушукканды жоготуп,
Туура кыргын салгыла,
Мурунку атам Алөөкө
Кетпес кегин алгыла.
Бул кутурган бурутту
Улугум төрөм, каркыбар,
Уялуу кытай баркың бар
Кырк жыл кыргын болсоң да
Кыйшайбай турган салтың бар,
Чокмор алган балбаным,
Түгөтөлүк бурутту,
Түк аянып калбагын!
Айзага даңгыл эренин,
Айла тапкыч беренин
Тегиз каптап өткүлө.
Темир аркан торчону,
Тегиз канжарколчонум,
Калдайдан чыккан эреним,
Казат баштап келгенмин.
Чапчышаарым буруткa
Арышты арбын салгыла,
Бурут деген журутка.
Дүмөктү түздөп баштаңар,
Бээжинден чыктык өлдүк деп,
Жандан кечип таштаңар.
Кече Бээжинден жорто бергенде
Казат баштап кагышып,
Качпай туруп салышып,
Карагул баштап алп өлдү,
Мадаңша, Дыңша жалпы өлдү.
Кызыл жагал Бороончу,
Катындан өлгөн мурунку
Каткалаңдын Сайкалы,
Балбандан өлдү байкагын,
Кыры жакты чалдырып,
Манастын уулу көкжалга
Кыраандын баарын алдырып,
Каканчылуу Бээжинге
Кантип тирүү кетебиз?
Караандын баарын жоготуп,
Тирүү жүрүп нетебиз?
Он эки капка Чоң-Бээжин,
Ал Бээжиндин ичинде
Кыяга салган там эдим.
Кырк кандын эли кытайга
Кызыталак өзүм кан эдим.
Кырк уруу журтту жыйдырып,
Кыйындардын баарысын
Манастын жетим уулуна
Мынча жүрдүм кырдырып.
Кан Коңурбай атагым,
Кантип Бээжин көрөмүн
Алп-дөөлөрдөн айрылып,
Тирүү жүрбөй өлөмүн.
Чынмачынды жер жүзүн
Өзүн чалган жол эле,
Ал эмес атасы Манас канкорду
Алты алдаган кол эле.
Бу кордуктан өлөмүн,
Кан, бектерден айрылып,
Каканды кантип көрөмүн!
Мен Коңурбай атка конгону,
Көк күбөнү кийгени,
Алчайып атка мингени
Быйыл кыйшайган окшойт
бииздин түш,
Кыйындардан айрылып,
Кылымда барбы ушул иш.
Калдайларым, кандарым
Караан калган жандарым,
Бурутту бузуп кайрылып,
Өлбөй кантип кетемин?
Түгөнүшүп салышып,
Түбүнө такыр жеткиле,
Кылча жанды аябай
Кыргын болуп кеткиле!
Балбандарым, шерлерим

www.bizdin.kg



Баарын каптап жеткиле!»
Эр Коңурбай муну айтып,
Этеги жайык көк күбө –
Ойрон болгон карааның
Ок өтпөгөн бек күбө.
Көк күбөнү жамынып,
Көрсөң балбан Коңурбай
Как жолборстой чамынып.
Көкжалдыгы көрүнөө,
Көсөм көкжал берениң
Көрсөң түрү ушундай.
Э Коңурбай берениң
Каарланып бакырып,
Калдайларын чакырып.
Толкуну тоодой көрүнүп,
Токтой калып бакырса
Оозунан чыккан көк жалын
Октос берип төгүлүп,
Алдындагы Алгара
Ээлендирип жулкунтуп,
Эпсиз эрен тулпарды
Эр өлгөндөй булкунтуп.
Манжууларын шаштырып,
Астындагы Кара атын
Ойку-тойку бастырып,
Бул Калчанын Кара аты –
Капталында бар экен эки канаты,
Он сегиз миң ааламды
Оолугуп кетсе Коңурбай
Талкандай чалган адаты.
Кутургурдун Кара аты –
Куйругу суюк, жалы аз,
Кулан кууса куткарбас,
Куушкан жоого болгон маш,
Туягы болот, көпкөк таш.
Алгарасын жулкунтуп,
Айзасын колдо арбайтып,
Чокморун жанда барбайтып,
Чоңдук жайы бир башка.
Баатырдын жайы ушундай –
Ааламды бузган көйкашка.
Көркөмү бөлөк Калчанын,
Жоого ылайык камданган,
Көк темирден туулга
Көмкөрө кийсе башына
Тетиги булут тоонун башы окшоп.
Эки мурун түтүгү
Капчалдуу зындан чат окшоп.
Мурутунун бир кылы
Майлуу балта сап окшоп,
Бул көк ала сакал манжуунун
Үстүңкү ээрди калбайып,
Калдайчынын кабы окшоп.
Толкуп кетсе Коңурбай
Тоону талкан кылгандай.
Бет алдына берендин
Ажалдуу карап тургандай.
Кыжыры тийип качырса,
Кыргыз эмес, кылымды бузуп кеткендей.
Кыймылдабай кара жер
Деги катуусунан түткөндөй.
Бээжинден чыккан кытайдын
Бели эмеспи Коңурбай,
Бендеден артык туулган
Шер эмеспи Коңурбай.
Эңчегей бойлуу, кең далы
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны кайран эр
Кенебей айдап кытайды
Керишке чыкты камданып,
Калчанын жайы ушундай.
Уй түгүндөй кол айдап,
Ошол колдун баарысын
Бириндетпей чогуу айдап,
Коңурбайдын калың кол –
Жер козголду ошол жол.
Карарып кайнап жер толуп,

www.bizdin.kg



Асман ачык, жер бүркөө
Жер жайнаган эл болуп.
Айзанын учу сөгүлүп,
Адамдын башы көрүнүп,
Кылычтын учу кылкылдап,
Кытайдын башы былкылдап.
Адамдын көөну бөлүнүп,
Аскердин баары көрүнүп.
Топурак кайнап, чаң толуп,
Жер айрылган жан болуп,
Каруусу толук капырдын,
Кан Коңурбай баатырдын
Албан түрдүү калкы бар,
Катылганды кыйратып
Канын ичмей салты бар,
Кыргызга кыргын салууга
Бул камынган экен каркыбар.
Кыргыз эмес кылымды
Чапчый турган чаркы бар,
Чапчый турган себеби –
Мунун кара курттай калкы бар.
Бек бекиген бели бар,
Мунун бел байлаган жери бар,
Каары таш жарган
Кан Коңурбай шери бар.
Болоттон айза кологон,
Боо бет алган душман сологон,
Берендик түрү ушундай
Бендеде мындай болбогон.
Каарына алып эр Калча
Калың кытай манжуунун
Кагышка мойнун бурду эле,
Камбыл тууган зор Калча
Кармашты каалап турду эле,
Камданып Калча турганда
Атасы өлгөн Шайымбет
Аргындан тандап кол алып,
Кыргыздын колун мол алып,
Ажал жетсе өлүүгө,
Айгайлуу дүмөк салууга,
Калча өлтүргөн Жамгырчы
Атайын кегин алууга
Жер жарылтып бакырып,
Бакырыгын карасаң
Манастап ураан чакырып.
Берендери, шерлери,
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда айдаса
Кабылан сындуу жойлогон,
Кайран кыргыз элди айдап,
Кабылан сындуу шерди айдап.
Айзанын учу жалтылдап,
Жезнайдын үнүн заңкылдап,
Таң дүмпөйүп сүргөндө,
Жерге жарык түшкөндө
Асмандан жылдыз бөлүнүп,
Кыбыла көздөп төгүлүп,
Төбөдөн жылдыз бириндеп,
Таңдын муздак жели зирилдеп.
Камыштын башы зыркырап,
Тал-талдын башы ийилип,
Кумунун үстү чийилип.
Таң түмпөйүп сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп.
Жамгырчы уулу Шайымбет
Албан түрдүү кол айдап,
Колдун баарын чогуу айдап,
Жер көрүнгөн бүрүлдө,
Көз жетпеген иңирде
Атышты арбын салууга,
Атасы Жамгырчы кегин алууга
Ээр белче мойноктон
Эңкейип келип турду эле,
Кытай, кыргыз ортосу
Керней-сурнай тартылып,
Керишке журтуң чатылып,
Тирелишип жатышты.

www.bizdin.kg



Айза менен сайышты,
Мылтык менен атышты.
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Кол алдына карасаң,
Эл аманын кааласаң
Кол алдында Сары кан.
Туучунакты туйлатып,
Кез болгонду кыйратып.
Аргындан артык кан экен,
Акылы артык, заары күч,
Кармашканды кылат түз.
Эрлиги тоонун теңиндей,
Эңишсе жанды жегидей.
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча,
Көкжалдыгы көзүнчө.
Туучунак оозун бурду эле,
Эр Коңурбай баатырга
Каршы чаап Сары кан
Качырып айза сунду эле.
Өөдө-ылдыйын карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Тегерегин карабай,
Теги өлөрүн санабай,
Кытайга боюн урду эле.
Калдайдын уулу капырга
Кан Коңурбай баатырга
Маңдайлашып турду эле.
Чокморлошуп салышып,
Чокмор сынып мойнуна
Сабы колдо калышып.
Айза менен сайышып,
Айза сынып быркырап,
Кылычташып чабышып,
Кыйын жаңжал болду эми.
Ок өтпөс тондор сүзүлүп,
Кылыч сынып быркырап,
Ортосунан үзүлүп.
Кыйын салыш болду эле.
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Коңурбай менен беттешип,
Кезектешип сайышып,
Кең дүрбөөн болуп турду эле.
Кайран жанды аябай,
Аргындын каны Сары кан
Аябай уруш кылды эле,
Жекеме-жеке сайышып,
Жекелешип турду эле.
Же Сары кандын жанында
Күлчоро, Бакай каны жок,
Канчоросу дагы жок.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок!
Ич өрттөнүп, өзөк чок,
Белгилүү көкжал дагы жок.
Кар айланбас зоо жок,
Каран кылып отурган
Каран күн Бакай тоосу жок.
Жанында жолдош-жоро жок,
Ажыратып алуучу
Алмамбет уулу Чоро жок.
Бел байлаган бели жок,
Белгилүү Семең баатыры
Белине таңуу эри жок.
Ошо согуш ичинде
Качып кирүүчү токой жок,
Караан кылар ногой жок.
Коңурбай кандай шер эле,
Коңурбайга кол салган
Сары кан кандай эр эле!
Кече эр Семетей көкжалың
Дүнүйөнү чачканда,
Кыргызды көздөй басканда
Чоң-Букарга дүмөктү
Сала келген эмеспи.
Токойдогу Сары таз

www.bizdin.kg



Ала келген эмеспи,
Сары таз атын жойдурган,
Сары кан атка койдурган,
Таласка курган там кылып,
Аргынга көкжал кан кылып,
Алсыраган баатырдын
Атагын уккан чочуган,
Ар жерден жетик окуган.
Ар кайсыдан кат алган,
Арслан чалдан бата алган.
Он эки бирге кол берип,
Ада баатыр болуп аталган.
Балбандыгы башкача
Ыктуулугу дагы бар,
Жоо айласын чың билген
Мыктуулугу дагы бар,
Тилге чечен, Сары кан
Тилмечтиги дагы бар.
Туура жерден жол тапкан
Көсөмдүгү дагы бар,
Нечен жоого кол салган
Берендиги дагы бар,
Туучунагын туйлатып,
Кез келгенди кыйратып,
Керишкени Коңурбай
Маңдайлашып турушуп,
Айза сайып, балта уруп,
Бөөдөдөн бөөдө урушуп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Каарланып какайып,
Кабар кылып элине.
Каршы келген жаңжалга,
Каптагын деп Коңурбай
Буйрук кылды жаңжуңга.
Коңурбай буйрук кылганда
Каптабай манжуу турабы,
Он башчысы ороктоп,
Элүү башчысы сороктоп,
Жүз башчысы жүгүрүп,
Миң башчынын баарысы
Кайран жандан түңүлүп,
Кан кыйкырып турганда
Ат оюнчу, жөө күлүк
Туш-тушунан жүгүрүп,
Алты миң кытай, сан калдай
Балбандары бир далай,
Таш сайынган тазасы,
Күрмө кийген күчтүүсү,
Учугар кийген улуусу,
Кылыч алган ыктуусу
Каптап келип жетти эле,
Жети жүз айза бир тийип,
Эр Сары кан баатырды
Тегеректеп кетти эле,
Далба каккан немедей,
Далбактатып сабады.
Өткөрө бузук чон жаңжал
Кара жагал чоң балбан,
Кыраанын Калча барында
Кытай салган чоң жаңжал.
Кандары каптап жетти эле,
Тегеректеп кетти эле.
Жети бөрү бир койду
Таласа тарпын коебу?
Жети миң жан бир жанды
Сабаса тарпын коебу?
Кан Коңурбай баатыры
Аянган жок акыры.
Кытай зордук кылганга
Эр Сары кан көнгөн жок,
Аттан түшүп албайып,
Амызын такыр берген жок.
Чоң казандай кайран баш
Чокмор тийип сыртынан
Кызыл челек кан болду.
Бүткөн бойдун баарысы
Былкылдабай дал болду,
Эң кайраттуу эки кол

www.bizdin.kg



Өөдө-ылдый болбой шал болду.
Акыл айран дал болду,
Кытай миңдеп, бул жалгыз
Кайран башы дал болду.
Айла тапчу Бакайды
Бир көрүүгө зар болду.
Эрдигинен кол салып
Дууга кирди Сары кан,
Кытай миңдеп, бул жалгыз
Айыкпаган бир мүшкүл
Чууга кирди Сары кан.
Айкай кулак тундурган
Көпкө кирди Сары кан,
Кирген жан аман чыкпаган
Өрткө кирди Сары кан,
Мунарыктап бузулган
Окко кирди Сары кан.
Кармашканды кайсаган
Топко кирди Сары кан,
Канаттуу учуп чыга албас,
Окко кирди Сары кан,
Кыргын тийсе кыйшайбас,
Топко кирди Сары кан.
Чалынса кайра чыгалгыс
Торго кирди Сары кан.
Ата, Какан, Чоң-Бээжин
Колго кирди Сары кан.
Жапа тартып, жан кечип,
Жалгыз жандан түңүлдү,
Капа болуп кайгырбай,
Кытай селдей каптаса
Туу чунактан айрылбай
Болот чокмор колго алып,
Кайрат кылат Сары кан.
Ар кайсысын бир салып,
Чокморунан чок чыгат,
Салган жерден от чыгат.
Салышып турат Сары кан.
Ушу Сары кандын Калыгы –
Кече калдайдын туусун кыйратып
Кыргызга пайдасы тийген жарыгы.
Ажал жетсе өлөм деп,
Атам көкжал беренге
Жолдош болуп берем деп,
Телкүрөңгө камчы уруп,
Калык кирди согушка.
Бакайдын уулу Байтайлак
Бастырып жоого тиелек,
Буда жерге кирген жер Тайлак
Ада кирди согушка.
Айгай кыргын салам деп,
Караан болгон Сары кан
Ажыратып алам деп,
Жамгырчынын Шайымбет
Жана кирди согушка,
Аксакалы Сары кан
Кары кирди согушка.
Аргын, кыргыз аралаш
Баары кирди согушка.
Маңдайлашып турушуп,
Айза муштап урушуп,
Алды эрен алсызын
Айза менен салышып,
Темтелеңдеп кеткенде
Тээп сууруп алышып.
Кылычташып алышып,
Кытай, кыргыз урушу
Кыргындашып калышып.
Көрүнгөн колдо бедел жок,
Бу кыргындын ичинде
Эмине бар, нелер жок.
Өлүп жаткан адамдын
Денеси калып, башы жок
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо түшүп,
Кыл мурутун шыйпайтып,
Эрен өлүп боо түшүп,
Кайраты бар калк өлүп,

www.bizdin.kg



Кытай, кыргыз чатагы
Кармашкан жан жалпы өлүп,
Өлбөй тирүү эрендер
Айзаларын жөлөнүп,
Кыпкызыл канга бөлөнүп.
Урушту эске алышып,
Уйгу-туйгу чабышып.
Жер тамандап чаң болуп,
Колоттун баары кан болуп.
Эчен жүйрүк аттардын
Ээри түшүп бооруна
Туйлап жаткан мындан көп,
Эчен күлүк тулпарды
Ээри жок бош коштоп,
Эчен адам жан боздоп.
Эсеби жок урушту,
Ким көргөн мындай жумушту.
Ободогу жылдыздай
Болжош болуп калыптыр,
Сары канга Шайымбет
Жолдош болуп калды эле.
Бакай уулу Байтайлак,
Сары кандын Калыгы
Аябай согуш салды эле,
Комокойлуу айзасын
Колойтуп өөдө апташып,
Кытай, кыргыз урушу
Кыргынды кызык башташып.
Эрен өлүп, кан өлүп,
Эби жок дүрбөн чоң казат
Ажалдуунун баары өлүп.
Качпай туруп салышып,
Кан төгүлүп чаң каптап.
Эсеби жок чыр баштап.
Эңкейиштеп эр саят,
Экиден дөөнү бир саят,
Сары кан сайып өтүп жүр,
Шайымбет башын кесип жүр.
Бу кыргынды көргөндө
Калдай уулу капырың
Кан Коңурбай баатырың
Кайраттанып турушту.
Каарланып бакырып,
Калдайларын чакырып.
Журтум, мен билгенди билдиңби,
Мен туйганды туйдуңбу?
Кан Коңурбай болгону,
Алмамбет менен алыштым,
Кан Манас менен салыштым.
Мындай жоо көрбөдүм,
Учу болот, сыр найза
Кыйкырып сунсам бөлүнбөйт,
Алты ай тынбай салышса,
Арам өлгөн бул бурут
Алдырчу түрү көрүнбөйт,
Жебеси болот сыр найза
Жети жол сунсам бөлүнбөйт,
Журтум, жерге кирсин бу кыргыз
Мунуң жеңдирүүчү түрү көрүнбөйт!
Калдайларым, шерлерим.
Камынган тегиз эрлерим,
Күрмө кийген күчтүүлөр,
Таш сайынган тазалар,
Бадана кийген балбаным,
Дүмөктүү болду жаңжалың,
Жетимиш ашып сексенге
Журтум, барып калган экенмин,
Эрдик жактан колжоктоп,
Таанып калган экенмин.
Журтум качымыш болуп калгыла,
Качпай согуш салгыла,
Аттын оозун жыйгыла,
Артык согуш кылгыла.
Ит урушун* салгыла,
Кез келгенде керишип,
Жалгыз келген шерлерин,
Бөлүнүп чыккан эрлерин
Жалгыздап байлап алгыла,
Ээн талааны бет алып,
Эрикпей уруш салгыла!

www.bizdin.kg



Манжууларым, кандарым,
Ушу тилим алгыла!
Айттым журтум, тилимди ал,
Айтканым ушул билип ал.
Ажайыптуу шерлерим,
Белиме таңуу эрлерим,
Силерге айткан кептерим!
Айтканымды эптегин,
Туучунакчан Сары кан
Туура балаа бул экен.
Жадалдыгы жан койбойт,
Туура мээнет шум экен,
Туура балаа бу экен,
Балбандуусу ыктуусу,
Айзага камдуу мыктуусу
Аябаган эр экен.
Балбандыгы башкача,
Алышка даңгыл эр экен.
Кетимиш болуп калалы,
Тоо түгөнгөн урчуктан,
Тоңкоюп кирген тумшуктан,
Жалгыз ат жүрбөс кысыктан,
Мээ кайнаган ысыктан,
Бок жыттанган сасыктан,
Кайып жүрбөс чөлүнөн,
Кармаштын кызык жеринен
Алышты катуу салалы,
Калтырбай эрин кыралы.
Ат сорулап турушуп,
Ит урушун кылышып,
Мээнетти бекем салалы.
Берендерин мерт кылып,
Эрин байлап алалы.
Энеси талак бурутка,
Бурут деген журутка
Азапты артык салалы,
Балбандарын, шерлерин
Бөлүп кыргын кылалы».
Калың колун качырып,
Амал кылды Коңурбай
Амалын көрчү доңуздун,
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Добушунан жан чыккан,
Алөөкөнүн эрени,
Алтымыш уулдун кенжеси
Эрен Калча берени
Амал кылды Коңурбай.
Кытайлардан Кочкусу,
Калмактардын Бошкусу,
Солондордон Солобо
Согушта мындай болобу?
Шибе журттан Жагалы
Токшукерден Солобо
Бурулган балбан аты бар,
Бурут келсе карма деп,
Тийгенин тирүү чайна деп,
Буларды койдук артына.
Артык балбан күлүгү,
Адам уулу көрбөгөн
Бул Коңурбайдын бүлүгү.
Жетик болот кайчысы,
Жана камдап турду эле
Күндүн куюн бузултчу
Онду-мөндү жайчысын,
Акылдан Калча оңобу
Айласы артык, заары күч
Абаңдай адам болобу?
Бу кечилдин каны мыктууну
Кемиткен адам оңобу?
Адам билбес сөздүүсүн
Бурут келсе баскын деп,
Талаага канын чачкын деп,
Кытайдан бөлөк сездүүсүн.
Адамдан бөлөк түрү бар
Башында жалгыз көздүүсүн.
Албан түрдүү балбанын,
Атактуу Калча жаңжалын.
Жаңжуулардан Орок баш,
Жан жаралган ар кандай
Өрттөнгүрдөн оолак кач!

www.bizdin.kg



Орогу тоодой жан экен,
Он эки батман* чоюнбаш
Кол колунда бар экен.
Өлчөөсүн көрсө жан чыгат,
Оюлгур мындай жан экен.
Ачууланса капырдын
Ааламды бузган жини бар,
Айласын көрсөң баарыдан
Адамдан бөлөк түрү бар.
Мунун аркы тегин сурасаң
Бу Бээжиндин ары жак жагында
Бээжиндик айтат лыйкы деп,
Лыйкынын сайган багында,
Ошол бактын аржагы
Кырк күнчүлүк жолунда,
Суук-Төр деген төрүндө,
Абарген деген көлүндө
Так ошондо туулган,
Адамга салган чуулган.
Алдына барган кытайдын
Тиктеп туруп тим эле тили буулган.
Тилегиң кабыл келбегир,
Балакет жайда туулган,
Атка минбей жөө жүргөн,
Мунун андайлыгын ким билген?
Артыкча мындай түрү бар,
Арам – адал ылгабас
Бул капырдын жини бар.
Бет алганды кайсаган
Бул капырдын түрү бар.
Беттешкен алптар союлуп,
Орок атка коюлган,
Ороктун жайы ушундай –
Мунун энеси инди жалабы,
Атасы кытай долусу.
Адамдын тилин билбеген
Коңурбайдын айбан чалыш доңузу.
Элести көрсө байкаган,
Эңишкен жоону кайсаган.
Бу калың кытай какандан
Кан Коңурбай турушу
Бул Ороктун жайын сураба.
Кез келгенди талкалап,
Мунун кыла жүргөн жумушу.
Алөөкөнүн Коңурбай
Беттеп келген бурутту
Бет алып кармап алгын деп,
Кырк аркан бою зындангa
Жан кармасаң салгын деп,
Орокту койду бир жерге.
Анын бери жагына
Калмактардан Май таман,
Түктү каман Түктаман
Түгөнгөн капыр бул жаман,
Башта аты Май таман,
Калмактардын чоң соргок
Туурасы жоон, бою пас
Тутанып кеткен капырдын
Тула бою кара таш.
Алышса жанды койбогон,
Бир доңуздун этине
Бүткүл жесе тойбогон,
Тиктесе жанды койбогон,
Чоң качырын байлаган,
Капсаңдын-Тоосун жайлаган.
Кара калмак, манжуунун
Уясын бузуп там кылган,
Бул урушса жанды жай кылган.
Эр Коңурбай зор Калча
Эренин койду бир жайга.
Кара белес кайкаңга
Кайрылып кытай дүркүрөп,
Качып-шашып дуркүрөп,
Калк таянып, чуу туруп,
Белеске чыга келди эле
Бет жагынан Сары кан
Каарданып бакырып,
Калың колун жапырып,
Канкор Манастап ураан чакырып.
Бозала желек туу кылып,

www.bizdin.kg



Бой-бою артык чуу кылып,
Туучунагын туйлатып,
Туш келгенин кыйратып.
Эрендин баары өгөлүп,
Эчен баатыр, эчен шер
Кызыл канга бөлөнүп,
Эренден эчен кан өлүп,
Сайышкан алптын баары өлүп,
Качкан жоого камынып
Арт жагынан Шайымбет
Калган экен жабылып.
Орто жерин Сары кан
Ай түшүрүп келатат,
Капталынан Байтайлак
Той түшүрүп келатат.
Качырткы салган Коңурбай
Кара балаа мунусу.
Кытай менен урушкан
Кыраандардын жумушу.
Кыйратып тийип кытайды
Айдап чыгып оолукту,
Жолго койгон тозгунга,
Канга тойбос олбурга,
Каруусу башка капырга
Аңдып турган баатырга
Арысландар келип кез болду,
Кутулбас заман акырга.
Темир аркан торчонго,
Теги эрендер кезикти
Тегиз канжарколчонго.
Баатыр Орок балбанга,
Адам сорчу соргокко
Арткы эрендер жолукту.
Ажалсыз качып кутулду,
Ажалдуунун баарысы
Ошонукуна тутулду,
Бакай кандын Байтайлак,
Сары кандын Калыгы
Сан түмөндөй көп элге
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча
Орок менен Байтаман
Опсуз балбан жетти эле.
Оңолуп жүрө бергиче
Тийишкенин оң кылбай,
Жетип айдап өттү эле.
Темир аркан торчонго
Торго түшчү бул экөө
Качырына камчы уруп,
Камбыл соргок жетти эле.
Жетип кандын балдарын
Жетип сайып кулатып
Көмө коюп өттү эле.
Ийбе-шийбе балбаны
Жетип байлап алганы,
Калдай уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Тартуу кыла салганы.
Кечилдин каны эренге,
Эр Коңурбай беренге
Эми буркум берди деп,
Эренинен, канынан
Экөө колго келди деп,
Доолбас бекем кагылып,
Жоо кайдалап көп кытай
Казатка чыкты жабылып.
Бээжиндиктен Тыңшасы,
Бет алды балбан мынчасы.
Ойносо бурут чыңдайт деп,
Өрттөнүп кеткен бул бурут
Өз жайына турбайт деп.
Сүйүнбөгөн кытайдын
Сүйүнчүктүү күнү тууп,
Калдай каптап кир болуп,
Жер жүзү менен бир болуп.
Калык менен Байтайлак
Мунусу колго тийди деп,
Сыбызгы кыйын тартылып,
Доолбас бекем кагылып.
Бирден бөлүп жайлоого

www.bizdin.kg



Эси-дарты көбүнчө
Баатыр Бакай, Семетей
Бул экөөнү кармоого.
Тилеги бар ушундай,
Акыл ийлеп Коңурбай
Адис болгон доңуз ай.
Берендиги белгилүү,
Белгилүү ыктуу Коңурбай.
Качырткысын камдады
Акыл таппай калбады.
Бириндетип баатырларын
Баарын кармап алганы.
Айласы келсе кан Калча
Эрендердин баарысын
Курмандыкка чалганы,
Тыйпыл кырып Коңурбай
Тыным кылып салганы,
Каарланып Коңурбай
Акыл ойлоп минткени,
Кайра тартып кыргыздын
Бир бокчосун тинткени.
Эрте сөзү кеч болуп,
Төбөсүнөн басууга,
Төрт түлүгүн чачууга
Акыл ойлоп Калчанын
Эки көзү төрт болду.
Төрүнө кудук казсам деп,
Төрт түлүгүн чачсам деп,
Канына каран салсам деп,
Картайып кеткен Бакайдын
Канын бир жутуп алсам деп.
Ашкере ойлойт Коңурбай –
Акылы артык доңуз ай.
Коңурбай антип тургуча,
Колго түшкөн балдарды
Ажыратып алсам деп,
Алеңгир чатак, чоң жаңжал
Бул кытайга салсам деп,
Аргындын каны Сары кан.
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Сары абаңдын башына
Алтымыш мүшкүл бир келип,
Балдарды кытай сойду деп,
Канетсе тыйпыл кылып койду деп,
Ак сакалы суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп.
Астындагы Туучунак –
Туу чунак санга бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Туучунак оозун бурду эле,
Уңгусу болот, учу курч
Учуна тарткан кара курч.
Кыйын уста Бөлөкбай
Кыйшык жерин оңдогон,
Сабына жезден кыйыткан,
Түпөгүн кылдан кыргаган.
Кара жолтой каранды
Душманды көздөй ыргаган.
Сайганы өлбөй турбаган,
Бөрү тилдеп баптаган.
Адамдын көз жашы менен сугарып,
Бөлөкбай уста таптаган.
Туучунак оозун бурду эле,
Алты миң кытай, сан калдай
А жоонун ак сакалы Коңурбай.
Сары кан айза сунду эл,
Сандаган алп-дөө балбанга
Өлдүм деп боюн урду эле,
Жер жайнаган сан колго
Жети күн кирди аралап,
Сары кан чыкты кан болуп,
Жетимиш жерден жара жеп.
Жөө туман түшүп, чаң каптап,
Жер бузулуп тутулду,
Жетимиш жерден жара жеп,
Өзүң көргөн Таласка
Сары кан качып кутулду.

www.bizdin.kg



## ТАЙБУУРУЛДУН КОЛГО ТҮШҮП, КАЙРА КУТКАРЫЛЫШЫ

Анын бери жагынан
Жамгырчынын Шайымбет
Буурулду минип булкунтуп,
Ээлендирип каранды
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Ат көзүнө карабай,
Асыл көкжал Семетей
Атын берсе аябай,
«Коңурбайдан корктум» – деп,
Кантип барам жарабай?!
Тон көөнүнө карабай,
Тонун берсе аябай,
Тоодой болгон чочкодон
«Тозогу кыйын экен» – деп,
Кантип барам жарабай?!
Ажалым жетсе өлөйүн,
Алөөкөнүн Коңурбай
Айкалышып көрөйүн
Алсыз болсом, эрте өлдүм
Мынакей аманат жанды берейин!
Чамам келсе чапчышып,
Айкайды артык салайын,
Кандуу моюн канкордон,
Калыкты соргон анткордон,
Атам Жамгырчы өчүн аламын.
«Атасын кытай сойду» – деп,
Ар кайсыга кеп болбой,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Минтип тирүү жүргөнчө,
Туулбай туна чөгөйүн
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Кериш кылып көрөйүн»,
Деп, ошентип, Шайымбет,
Ат ойнотуп бакырып,
А да атанын уулу берениң
Жамгырчылап ураан чакырып,
Касаба колдо калкылдап,
Кара жаак айбалта
Кайрандын билегинде жаркылдап,
Кашатка чыга келгенде,
Карап турду Коңурбай,
Кызыл болот Зулпукор
Камдап турду Коңурбай,
Шайымбет деп ошону
Сынап турду Коңурбай,
Шайымбетти көргөндө
Чабалдыгын билди эми,
Биле коюп Коңурбай
Мыкыйында күлдү эми,
Манжууларын бакырып,
Балбандарын чакырып,
Калдайларын, эрлерин,
Кайраты толук шерлерин.
«Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен туйганды туйдуңбу?
Мунун атасы Манас шер эле,
Өзү ала көөдөн эр эле,
Өзүнүн телегейи тең эле,
Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең эле,
Ошол атасын тарткан Семетей
Беренди өзү бериптир,
Жамгырчынын уулуна
Өзү көкжал чоң төрө
Көрдүңбү, Буурулдун күчүн бериптир.
Атасынын өчүн алам деп,
Айбаттанып келиптир,
Бизге берүүчү Кудай бериптир,
Ардай болгон ар Буурул
Абайла журтум, мунумду,

www.bizdin.kg



Астыга айдап келиптир.
Шайымбет кармай калгыла,
Онжоңдогон Буурулду
Олжо кыла салгыла,
Сураса бербес Буурулга
Суук укурук салгыла,
Жалынса бербес Буурулду
Көргөзбөй «сурап » алгыла,
Ардай болгон Ар Буурул
Куйругу бөлөк, жалы бас,
Бу куюндан бүткөн жаныбар.
Жети тулпар кенжеси,
Жеткилең малдын бууданы,
Бул Алгаранын тууганы.
Бул Аккуладан анча өөдө,
Ушул Алгарадан канча өөдө,
Айгай укса шашабы,
Ай карарып бүркөлсө,
Бир изин ката басабы!
Чуу укканда сөгүлгөн.
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан бөлүнгөн,
Адыр-күдүр алты айлык
Белге минер мал экен,
Мээ кайнаган кырк күндүк
Чөлгө минер мал экен,
Беренжини байланып,
Беш-Бээжинди айланып,
Биздин берендер минер мал экен.
Карапжыны жамынып,
Кара болот салынып,
Кармашка минчү мал экен,
Чалгын минсе чарчабай,
Кара жолтой жыласты
Оорукка минсе чарчабай,
Кулагы угуп, көз көрбөс
Алыска минчү мал экен,
Чынмачынды жөлөнүп,
Чылгый канга бөлөнүп
Кагышка минчү мал экен,
Каран калган жыластын
Кайыптыгы бар экен.
Кең көкүрөк, бели тик
Айбанда мындай керим жок.
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою аң келсе,
Буйдалбастан чураган.
Аркардай мойнун бураган,
Баткактынын Кара-Суу
Асыйында бу чочко
Кайра тартпай чураган.
Мунун буудандыгы башкача,
Мунун тулпардыгы бир канча.
Мунун алышка минсе адаты,
Олжого тийсе бул каран –
Ошол минген эрдин канаты.
Бул алтын, күмүш артууга,
Бул Эсенканга тартууга
Эби келди көрдүңбү!?
Эгерде болбойт мындай иш,
Кеби келди көрдүңбү!?
Керишке минчү чоң тулпар
Эми келди көрдүңбү?!
Бул кара жолтой Арбуурул –
Кара байыр казанат.
Калбыр өпкө, жез билек
Буура көкүл, үкү аяк.
Булкушка минер мал экен,
Мунун аркасы бийик, зери бас.
Адырга салса оюбас,
Алтымыш асый болгунча
Азуусун сөйкөп карыбас,
Жет-Кайтка минсе арыбас,
Жеткилең экен Буурул ат.
Жетимиш асый болгуча,
Тишин сөйкөп карыбас.
Жолу болгон Буурулдун
Жото жилик жонгондой.

www.bizdin.kg



Жонуна барып төрт адам
Чымчык сындуу конгондой,
Булчуңу бука белиндей,
Басыгы сырттын желиндей.
Чоң туягы чарадай,
Артындагы соорусу
Кой кыркуучу талаадай,
Маңдай тиши болоттой,
Эки колдун ортосу
Табылгылуу колоттой.
Анык кайып Арбуурул
Ойронду опсуз салалы,
Онжоңдогон арамды
Олжо кылып алалы.
Шайымбетти илели,
Ойлогула манжуулар,
Көп олжого кирели.
Ойронду опсуз салалы,
Аттан канкор жөө болот,
Манастын уулу көөдөктүн
Көрөр күнү не болот?
Өзөндүн суусун бурабыз,
Кызыталак бурутка
Кыргынды кызык кылабыз.
Алышты арбын салабыз,
Аябай кекти алыбыз,
Аты тийсе бел кетет,
Буруттан көкжал эр кетет,
Буласын булап алалы,
Буурул ат колго тийгенде,
Бузукту мыктап салалы*.
Адырдан тийип бээсин,
Атаңдын көрү буруттун
Байлап алып Семетейдей дөөсүн,
Жакындаса мына мындай
Жайната муштап мээсин,
Чыгаралы буруттун
Капкайдагы кээсин.
Аты тийсе олжого
Ал канкордун өлгөнү.
Барбайып баатыр жөө калса
Кыямат жүзүн көргөнү.
Оңуна тартты биздин түш,
Ойлосоң мындай болбойт иш.
Каары күчтүү бурутту
Кагышса эми кылам түз.
Ошондо Алөөкөнүн Коңурбай
Арысландай көзү жайнады,
Каарланып кан Калча
Кан ичмеси кармады.
Сүйүнүп кептен баштады,
Сүрүнө бенде чыдабай
Сүрүнөн коркуп көп манжуу
Тим эле кырылып кете жаздады.
Жазайылды салынды,
Алөөкөнүн Коңурбай
Жабдыгына камынды.
Көк күбөнү кийинди,
Катыны эркек туугандай
Кайран Калча сүйүндү.
Ай маңдайы балкылдап,
Уңгусу болот айбалта
Ач билекте жаркылдап.
Коңурбайдын Зулпукор
Чапса кандан тартпаган,
Шилтеп ийсе каранды
Кан ичпей куру кайтпаган.
Жоого курчу билинген,
Шилтеп-шилтеп жиберсе
Түпкүч болуп ийилген.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.
Алты кырлап машаган,
Бээжинде уста Токушкер
Коңурбайга жасаган.
Мизине болот кологон,
Муну көргөн душман сойлогон.
Канкорлугу мамындай,

www.bizdin.kg



Алөөкөнүн Коңурбай
Кайра айтар душман болбогон.
Ал жанында Актинте
Алтымыш нар, миң тайга
Атайы каалап жасаткан,
Камбыл Калча берендин
Оң жагында байлалуу.
Очогор жондо балкылдап,
Алты кулач сыр найза
Ал такымда жаркылдап,
Касабасын жайланып,
Кечилдин каны эр чочко
Жоо-жарагын камданып.
Көк аскадай Коңурбай
Көркөмү мындай доңуз ай,
Каруусу калың Коң төрөң,
Ааламды билген зор төрөң
Көргөндүн көөнү бөлүнбөйт,
Көрсөң түрү мына мындай
Көк арыслandай көрүнөт.
Касабасы какылап,
Албан түрдүү көк жөкөр
Ал жанында жаркылдап.
Ойрондугу бир башка,
Алөөкөнүн Коңурбай
Ааламды бузган көйкашка.
Жүрүшүнөн чаң чыгат,
Кутургурду карачы
Добушунан жан чыгат,
Чокмору тоонун сеңирдей,
Башындагы калканы
Жер дүйнөнүн теңиндей,
Шайымбет эмес, ал Калча
Ааламдын калкын жегидей.
Чамынганы жолборстой,
Чалкалаган Калчага
Чалышкан оң болбостой.
Күркүрөшү сел окшоп,
Күрсүлдөгөн чочконун
Күүлөнгөнү желге окшоп.
Кайраты мыктуу заары күч.
Калчаны көрсөң тим эле
Кайран жандан үмүт үз.
Ачууланып чамынса
Оозунан заары төгүлүп,
Күрсүлдөсө жөн эле
Жалаңгыч түрү көрүнүп.
Белеске чыга белсенип,
Кыймылдаса капырың
Опол-Тоодой теңселип.
Кара саат Коңурбай
Астындагы Алгара
Ээлендирип булкунтуп,
Белеске чыгып шайланып,
Берен Калча канетет
Шайымбетке камданып.
Айры белес тайпаңга,
Айрымачтай кайкаңга
Алгара оозун бурду эми.
Бузукту мыкты салууга,
Ойронундун Буурулун
Олжо кылып алууга
Эрте сөзү кеч болуп,
«Шайымбет жакын келсе – деп
Карап турат Коңурбай
Эки көзү төрт болуп.
Белесте тоодой көрүнүп,
Берениң Калча турду эле,
Коңурбайды көргөндө,
Жамгырчынын Шайымбет
Кара көздөн кан кетти,
Каарланып жайлады,
Кынсыз кылыч байланып,
Кытайга кол салууга
Калган экен камданып.
Ажал жетсе өлүүгө,
Аманат жанын бул кургур
Атасы үчүн берүүгө,

www.bizdin.kg



Өөдө-ылдыйын карабай
Өлөмүн деп санабай,
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,
Каалап минген Бууруылдун
Тартууга оозун бурду эле,
Уңгусу болот сыр найза
Коңурбайга сунду эле.
«Көк күбөнүн бети» – деп,
«Өпкөнүн бир жак чети» – деп, –
Тайыса жүрөк тушу – деп,
Атамы сойгон Калчанын
Өлчөлүү жери ушу – деп,
Сундурган айза түк бурбай,
Ачылган көздү түк жумбай,
Аз эле жанды аябай,
Жеткилең экен Шайымбет
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде Калчаны
Омуроо бойлуу күрөккө,
Ок өтпөстүн четине,
Өпкөнүн таамай бетине,
Жетип муштап өттү эле,
Адам, эр эмеспи Коңурбай,
Ааламды буй кылган
Шер эмеспи Коңурбай.
Зың-зың этип кенебей,
Шайымбеттин сайганын
Бучкагына теңебей
Кабагым-кашым деген жок,
Сайды-койду көргөн жок,
Алөөкөнүн Коңурбай
Чабалдыгын көрдү эле,
Качымыш болуп калды эле,
Кайра тартып Шайымбет
«Каканга чейин кубам – деп,
Качпа, Калча, качпа! – деп,
Кайраттанып чамынып,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жана кууду Калчаны.
Коңурбай жайын сураба,
Айзакерден абыдан
Ыктуу Калча эмеспи,
Жоо айласын куп билген
Мыктуу Калча эмеспи,
Ач арыслан дай чамынган,
Жоо адисин алынган,
Жүргөн Калча эмеспи,
Ич этинен ок өтпөс
Кийген Калча эмеспи,
Алптар менен кармашып
Адис болгон душманга
Ыктуу Калча эмеспи,
Ай-ааламды буй кылган
Мыктуу Калча эмеспи.
Коңурбай менен керишип,
Каарман өлгөн, кан өлгөн,
Кармашкан жандын баары өлгөн.
Беренден эчен бел өлгөн,
Беттешип нечен эр өлгөн,
Кармашып жүрүп каттыккан,
Канкор Калча атыккан,
Ичип канга тойбогон,
Кездешкенди койбогон,
Кечилдин каны чоң чочко,
Керишке иши оң чочко,
Амалы калың, заары күч,
Акылга дыйкан, чоң манжуу.
Манжуу көздөп барбаңдап,
Алгара санга салганы,
Шайымбеттин алдына
Качымыш болуп калганы.
Эрен экен Шайымбет
Эр Калча кача берди эле,
Качканын көзү көрдү эле,
Коңурбайга жетүүгө,
Жетип сайып өтүүгө,
Баскан жерин уратып,

www.bizdin.kg



Буурул менен чуратып,
Чаңды көккө булатып.
Булуттай учуп эр Буурул
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө каккылап,
Тал жибектей куйругун
Чаткаякка чапкылап,
Эти кызып ээлигип,
Буту жерге илинбей,
Чуркаганы билинбей,
Учкан куш менен жарышып,
Казы алуучу боор эт,
Калган экен союлгур
Төмөнкү кысасына жабышып.
Жетик күлүк Кара атка
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде Шайымбет
Каруусу толук эренди,
Кан Коңурбай беренди,
Жетип муштап өттү эле.
Алөөкөнүн эр Калча,
Ааламды бузган шер Калча,
Эңчегей бойлуу, кең далы
Эми эсебин тапты эле.
«Кааласаң кагыш мындай»,– деп
Шайымбеттин найзасын
Айза менен кутургур
Ортодон бөлө чапты эле.
Күкүк болуп күүлөнүп,
Күңгүрөп Калча сүйлөнүп,
Шайымбет, көрдүм чамаңды,
Кагайын эми мен сенин
Капкайда кеткен жиниңди
Качып берсем болбойсуң,
Саат баскан бурут кул,
Сайгылап жанды койбойсуң,
Кармашты буздум кимиңе,
Каарыма келдим, какайдым
Катылбай койбойм бириңе,
Тим турган жанды тим койбой,
Тиесиң неге жиниме.
Кан ачуусу келген соң
Катылбай койбойт бириңе»,–
Деп, ошентип, Коңурбай
Окоро түйгөн чоң чылбыр
Сол колдоп кармай калды эми,
Оң кол менен эр Калча
Далыдан чапчый салды эле,
Шайымбетти кутургур
Арбуурулдун үстүнөн
Тебетейдей алды эле,
Алдырып коюп Шайымбет
Ал кургур жаман шашты эле.
«Калмак ээр, май куйрук
Былкылдабай катчы» – деп,
Көчүгүнө басты эле,
Кордук көрүп Шайымбет
Колго түшүп жатты эле,
Сураса бербес Буурулга
Суук укурук салды эле,
Оңжондотуп Буурулду
Кутургур коштоп алды эле,
Муну менен Буурул ат
Ойронунан ажырап
Олжо болуп калды эле,
Олжолоп алып Буурулду
Тулпардыгын көрдү эми,
Баягы көчүгүндө Шайымбет
Алты миң кытай, сан калдай
Буруттан түшкөн бала экен,
Уй кайтартып салгын деп,
Өлтүрбөстөн-житирбей,
Дене кул кылып алгын деп,
Манжуусуна берди эле,
Сүйүнбөгөн кытайдын
Күнү тууп калды эле,
Чуулдап кытай бурулуп,

www.bizdin.kg



Дүңкүлдөк катуу урулуп,
Доолбас катуу чабылып,
Барабан катуу кагылып,
Кара солоон Тагылык
Каным соогат бергин деп,
Каптап келди көп улук.
Канкор аты тийди деп,
Көөдөк бизден өлөр деп,
Кайра тартпас чын жайды
Көөдөк эми көрөр деп,
Керней-сурнай тартылып,
Туу туруп чуркурап,
Коңурбайдын тилегин
Калкы тилеп буркурап,
Чуркурашып жатташып,
Чуу туруп манжуу журт
Кан төрөсүн макташып,
Кара сууда кеме жок
Кайран Калча барында
Каканчылуу Бээжинге
Каш кайтарар неме жок.
Туура аккан сууда бөлүм жок,
Туйгун Калча барында
Биздин кытай журтка өлүм жок.
Улук Калча шерибиз,
Ушундай болчу эрибиз.
Бурутту бүлдүрүп эл кылсаң,
Эмне кылсаң мейлиңиз.
Бел байлаган белибиз,
Берен Калча шерибиз.
Беттешкен душман бурутту
Бек кыргын кылар кезиңиз.
Байлап берген кулуңду
«Олжого түшкөн Буурулду
Бекем байлап салгын! – деп,
Башына коок кийгизип.
Качырга байлай салгын деп,
Кадимкидей кылды эле,
Арслан уулу көкжалдын
Атын алып олжолоп,
Калчаны Кудай урду эле.
Ардай болгон Буурулду
Болжоп нокто каттырып,
Болжолсуз жабуу жаптырып.
Жети калдай, кырк төрө
Бош коштотуп салдырып,
Карапчыны* салынып
Калың кытай чуу туруп,
Бурканына жалынып,
Коңгуроо бекем кагылып,
Коңурбай мындай төрө» – деп,
Кошомат кылып калыптыр.
Улуктары кандары,
Ушундай деп жандары
Уйгу-туйгу толушуп,
Удураңдай калышып,
Урушту эске алышып.
Берендери, эрлери
Бек кызык болуп турду эле.
Кан Коңурбай баатыр да
Жадыкөйүн камынып,
Жалаң балбан көйкашка
Коңурбайга кабылып,
Койбой мактап көп улук
Сыбызгы тартып доол уруп,
Жезнай үнү такылдап,
Албан түрлүү дуу болуп,
Аңгемеси ушундай
Асман жарган чуу болуп,
Карапчысын калдайтып,
Кандын баары бөлүнүп.
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күчтүүлөрү бөлүнүп.
Шуру отогот, маржан таш
Коңурбайдын алдына
Таш сайынган кытайдын
Тазалары аралаш.
Эр Коңурбай баатырдын

www.bizdin.kg



Кырк төрөсү жолдошу –
Өлүм орток болжошу.
Калдайлары, кандары,
Албан түрлүү жандары
Ааламды буй кылган
Ал Коңурбай баатырдын
Мына ушундай балбаны.
Жанындагы төрөсү
Кагышка кирсе аянбай
Караан болучу эмеси.
Айтылбайт сөздүн бекери,
Ал дөөсүнүн баарысы
Коңурбайдын жөкөрү.
Жан кылды көзү көрчүсү,
Жаман уруш сыр болсо
Жолуң каткан Калчага
Жолдош болуп берчүсү.
Кайра тартпас камбылы,
Кагышка камбыл ыктуусу,
Калың түмөн кол келсе
Качпай турган мыктуусу,
Айзакерден даңгылы,
Айбалта чабар камбылы,
Кынжылалуу балбаны,
Балбандын бирөө бошонсо
Кылып ийчү эмедей
Катылышкан адамдын
Чыга турган далдалы.
Берендери, шерлери,
Беттеп келди Калчага
Белгилүү берен эрлери.
Балбандын баары мактанып,
Доолбасты урушту.
Колдун баары чогулуп.
Баатырдын баары камынып,
Баатыры бар, алпы бар.
Байкасаң мындай каркыбар.
Ошондо Алөөкөнүн Коңурбай
Алгара оозун бурду эле,
Чынмачынга, каканга
Куйкаланган кутургур
Чын мактанып турду эле.
Ойлодуңбу кытай журт,
Манастын уулу канкордун
Атын олжо кылганым.
Бул калтырбай журтун кырганым.
Журтум, кайра тартып казатты
Катуулата салалы,
Белгилүүсү шерлерин,
Берендерин эрлерин
Калтырбай кырып салалы,
Колго тийген дөөлөрүн
Кылычтап башын алалы,
Эрендерин, кандарын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаралы,
Минтпесек бурут оң кылбайт,
Эгерде бизди соо кылбайт.
Кечээ кабарында бар бекен,
Кыл-Эртиштин боюнда,
Кечээ күнү Кыр-Кайыңдын оюнда
Каспаңдын Кара-Тоосунун бетинде,
Кара-Суунун четинде
Менин башкы жыйган сан карам
Казыналык түмөн мал
Түгөл тийип кеткени.
Журтум, жылкычымды жылмайтып,
Журтум, түбүнө чогуу жеткени.
Кагышты катуу баштады,
Жылкы баккан эримди
Жылмайтып кырып таштады.
Токол кылып таштады,
Чоң Карагул баатырды.
Куйругун жулуп таштады,
Алгара сындуу атымдын.
Бээжинден алды жылкымды,
Бегиреек ачты уйкумду.
Кыйратты канча эримди,

www.bizdin.kg



Кызык кылды Бээжинди
Сындырып кетти белимди.
Өлтүрүп кетти бул бурут
Өзүмдөн өөдө эр эле
Өлтүрүп кетти көрдүңбү,
Карагул өңдүү эримди.
Ал Карагул кан эмес,
Кара Жагал Бороончу,
Катын кандын элинен
Карып келген кезинде
Биздерден өлдү Оронгу.
Кара сакал Дыңша өлдү,
Карачы журтум, мынча өлдү,
Каткаландын Сайкалы,
Журтум, кыргыздан өлгөн
Кытайдын кайсы бирин айталы.
Кызыталак канкордун
Аты колго тийгенде
Кыргындап алып кайталы.
Ай, балбандар, кебимди ук,
Бул кыргыздын туткасы,
Акылга дыйкан устасы,
Калың элим тыңдачы,
Кан Манастын сырдашы
Бул кыргыздан Бакай жоголбойт.
Ошол Бакай жоголбосо,
Кытайдын иши оңолбойт.
Бул буруттан Бакай жоголбой,
Кылымдын иши оңолбойт.
Бул оңолбой турган себеби –
Бул Байдын уулу Бакай кан
Бул бал менен оозун чайкаган,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан ойногон,
Көкжалдыгы көрүнөө
Ичсе канга тойбогон.
Канкор Манас шерине
Караңгыда көз тапкан,
Кара саат Бакайдын
Камбылдыгы ушундай,
Капилеттен сөз тапкан.
Сан колдон коркуп таңылбас,
Караңгыда жол жүрсө
Карсактын* изинен жаңылбас,
Ич этинен суп* көйнөк
Кийген Бакай эмеспи.
Беш колундай Бээжинди
Билген Бакай эмеспи.
Көзү көрөт алыстан
Алты айчылык азапты,
Азыр тиктеп жөн эле
Билген Бакай эмеспи.
Бул кыргызга орноткон
Добул тийсе жел тийгис
Шери Бакай эмеспи.
Тозокунун өзү ошол,
Толкуп кетсе жөн койбос,
Бул бурутка калганда
Эри Бакай эмеспи.
Адамдан бөтөн жаныбар
Улугу Манас шерче бар эле,
Бөрү Бакай кабылан.
Бакай канын байласак,
Баары душман абыдан,
Асыл Манас көкжалдын
Алмамбет, Бакай эрени
Дыңшаны бузуп жол кылган,
Топон суу тоздоп кирбеген
Бээжинди бузуп кор кылган.
Билимдүү Бакай карысы
Улугум ук, каның ук,
Кара тажаал анысы
Кагышты катуу салыңар,
Бели сынды буруттун
Кайра тартып калыңар.
Журтум, кайра тартып туруңар,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Атаңдын көрү бурутка

www.bizdin.kg



Атышты арбын салыңар,
Эл эсебин алыңар,
Кызыталак бурутка
Эсепсиз жаңжал салгыла,
Кол алдында Коңурбай
Колоктогон чоң төрө
Алгара оозун бурду эле,
Манжуулардан Эзкара
Такоол болуп турду эле.
Аламан уруш кылууга,
Калтырбай журтту кырууга
Кытайды Кудай урду эле.
Коңгуроо бекем кагылып,
Коңурбай көздөй калың кол
Аламан салып жабылып.
Кол ортосун караса,
Калк аманын кааласа
Коңгуроо бекем кагылып,
Бул белгини көргөндө
Калк эсинен жаңылып.
Калк быжылдап жык толуп,
Эр ээлигип бук болуп.
Идерлүү жигит, күлүк ат
Пайдасы тиер чак болуп.
Айзанын башы чабышып,
Адамдын башы кагышып.
Урушту эске алышып,
Удураңдап калың кол
Уйку-туйку болду эле.
Эрендин баары шайланып,
Баатырлар баары камданып.
Калдайдын баары ээлигип,
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйындары желигип,
Кабарын уксаң ушуңдай,
Кайнап жаткан көп кытай,
Көптүк жайын карасаң
Уй түгүндөй эл экен.
Топон суу толкуп жете албай,
Толкуп жаткан кытайга
Нур төгүлгөн эл экен.
Өтүп кеткен эрлерден
Чалышкан аман кетпеген.
Чамасы мындай кытайга
Чалыяр* чаркы жетпеген.
Искендер сурап албаган,
Алам деп кирип Бээжинге
Эч ким тирүү калбаган.
Кырк эшиктүү Бээжиндин
Бир белгиси мына мындай –
Күндө жапса күндө ачык.
Бир эшиги ачылган,
Ал эшиктин оозуна
Кытайча кат жазылган.
Кайнап жаткан каканга,
Каарланса белекке
Калайман салып өтөр деп,
Карап кылып кетер деп,
Толкуп жаткан кытайга,
Нур төгүлүп Бээжинге
Токчулук нуру чачылган.
Жери мыктуу болгон соң,
Эчким жеңе албайт деп,
Чоң чатагы басылган,
Ушундай кытай эл экен.
Алөөкөнүн Коңурбай
Өрттөнүп кеткен бу доңуз
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Камап жаткан кези экен.
Кайра колу бурулуп,
Калаа жайнап кылкылдап,
Кайра каптап калды эле.
Муну мындай таштайлы,
Эми бир жагынан баштайлы.
Кече Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө Манастын сайган багында,

www.bizdin.kg



Түгөнүп кирген боюнда,
Дарбазалуу ордодо,
Чачыкейдин коргондо,
Кашат жагын карасаң
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Каныкейдин ак сарай –
Анын каалгасы сом калай.
Кадырман Манас барында
Ар шайманы ушундай.
Ага каттап адам барбаган,
Караган адам таң калган.
Таштан жыйып тоо кылган,
Тегерегин зоо кылган,
Айза сунса мадаган,
Алалбай душман жадаган.
Жолоп адам барбаган,
Жолуккан киши таң калган.
Сандыргалуу көйкашка
Ал сарайдын оозунда
Сакчылары бир башка.
Жоо көргөндө жабылган,
Желдеттери жетимиш
Адамдын мурду, кулагын,
Тумар кылып тагынган
Сакчылары сандан көп,
Балакеттүү карандын
Балбандары андан көп.
Жолоп адам барбаган,
Жолуккан тирүү калбаган.
Балбандары башкача,
Баатырлары бир канча.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде
Дарбазада бакырык.
Туура жагы чеп коргон
Бакай кандап чакырып.
Ошондо Бакай абаңыз
Билгичтигин караңыз.
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Туруп белди буунуп,
Кол-аягын жуунуп.
Ары-бери толгонуп,
Арсландай комдонуп,
Жолборс абаң турабы
Жоо-жабдыгын оңдонуп.
Кабарчыдан чочунуп,
Көкчолокту токунуп,
Ач албарсты байланып.
Кытай кантип калган деп,
Жанына кылыч байланып,
Жоо-жарагын камданып.
Уйкудан ыргып бакырып,
Билимдүүсү мына мындай
Каныкейлеп чакырып.
Касиеттү абаңыз,
Билгичтигин караңыз.
«Эй, Каныкей, кулунум,
Мен билгенди билдиңби,
Эй, Каныкей, кулунум,
Мен туйганды туйдуңбу?»
«Эй, айланайын абаке,
Сиз туйганды туйбадым,
Сиз билгенди билбедим.
Билбей калган себебим –
Кабылан достуң өлгөндө,
Кайгыны куу жан көргөндө
Айбан болуп чөп жебей,
Адамча жатып суу ичпей,
Өлүү десе көрдө жок,
Тирүүбүз десек элде жок,
Чама чарчап, ал кетип
Чапжалды чарчап аша албай,
Ал кетип шор жан басалбай,
Тилинип таман ачылып,
Аз ойлогон көп акыл
Кеткен экен чачылып.

www.bizdin.kg



Аргынды бердим алыңыз,
Жетимди белге таңыңыз.
Ойлогон оюң кай жакта
Кабылан Бакай абакем,
Ойлоп турган оюңун
Кабарын айта салыңыз.
Келиниң элек чыгалык,
Кеңешиңи айтып кой,
Катында болсо угалык.
Кан аба, каканга жолду баштаба,
Алтымыш келин, тул катын
Абаке, айлыңды каран таштаба.
Ашкере тилим алыңыз,
Канчаны билсең кан аба,
Ашкере айта салыңыз.
Абаке, кан алдыңдан чыгалы,
Сайрачы аба, билгенди
Зайып да болсок угалы».
Ошондо Бакай муну айтат:
«Эй, кагылайын Каныкей,
Курдашым Манас өлгөндө
Аргын менен кыргызды
Бөлүп албай не болдум,
Эреним менен биригип,
Сакалымдын агында,
Сапарымдын чагында
Өлүп албай не болдум?!
Карыганда мен Бакай
Артык балаа мүшкүлдү
Көрүп калган экенмин,
Тирүү жүрбөй дүйнөдөн
Өлүп калган экенмин.
Өлүп калган себебим –
Канкор Манас барында
Жетип буздум Ооганды,
Берен Бакай абаңдан
Бээжин кайдан соо калды?
Ташты буздум, жол салдым,
Таалайым Манас барында
Далай жерге кол салдым.
Омбуну бузуп олжо алып,
Ортосун бузуп жол салып,
Ак марал айдап уй кылдым.
Асыл Манас барында
Ай-ааламды буй кылдым.
Көкжалым Манас барында
Көк марал кууп уй кылдым,
Көрүнгөн жерди буй кылдым.
Каканчы калкын камадым,
Кан Манастын барында
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн сабадым.
Боз айза Зулпукор
Боолап турган кезимде,
Шибээ кытай манжууну
Жоолап турган кезимде
Бу дүнүйө кызыгын
Көрүп албай не болдум,
Тирүү жүрбөй мен Бакай
Кабыландын барында
Өлүп албай не болдум?!
Каканчыга жол салдым,
Жол салганда мол салдым.
Канкорум Манас барында,
Казына бузуп, дилде алдым,
Дилдени жүктөр билди алдым.
Кызыл көйнөк, айча бел
Кылтылдаган сулуудан
Кызды тандап миңди алдым.
Мына минтип турганда
Буттайын бузуп ийсек да
Бууданым Манас келчи эле,
Бу дүнүйө шумдугун
Бууданым Бакай чечсин дечү эле.
Бүгүн Бакай өлүптүр,
Кайра келбес чын жайды
Кабылан Бакай көрүптүр.
Кан абаңдын өлгөнү,

www.bizdin.kg



Эштектердин эрени,
Эр Жамгырчы берени
Ошол адам өлүптүр.
Жамгырчынын Шайымбет
Көзү кара, бели бош
Көкжал уулу чунактын
Атын сурап келиптир.
Ат көөнүнө карабай
Атын берсе аябай,
Кезигерге кезикпей
Кез болбоско кезигип,
Жамгырчынын Шайымбет
Колго түшүп кетиптир.
Жалынса кайра чыкпаган
Торго түшүп кетиптир,
Олжолоп алып Буурулду
Кытайды Кудай уруптур,
Кечилдин каны Коңурбай
Ардай болгон Буурулду
Олжо кылып алыптыр,
Атсыз калган канкорго
Калайманды салыптыр.
Карасаң ушул мүшкүл иш –
Кылымда болбойт мындай иш,
Кылымда болбойт мындай иш.
Буурул ат тийди колуна
Кыжылдаган кытай журт
Кыргынды кызык салуучу,
Кылчая турган түрү жок
Кылычтап башты алуучу.
Буурул түшсө олжого
Бөлүнбөй кыргыз оңобу,
Канатын берип бирөөгө
Ушунткен уулуң оңобу?
Бүгүн ажал жетсе өлөбүз,
Кытайлардын айчыгы алтын кызыл туу.
Үй үстүнөн көрөбүз.
Көөдөктүгүн көргөнү,
Көөдөк уулуң Семетей
Бөлөккө атын бергени.
Бүгүн кечилдин каны тунуптур,
Буурулду олжо кылыптыр.
Каныкей кулунум,
Алөөкөнүн Коңурбай
Өзү айзакерден ыктуу эле,
Жоонун айласын ашкере билген мыктуу эле.
Манжуудан башка шер эле,
Өзү жоо айласын артыкча билген эр эле.
Эми Буурул тийди колуна
Казылган калың ору бар,
Камалуу жаткан колу бар.
Адамдан артык баркы бар,
Өзү ашкере көкжал баркы бар.
Кармашканды мерт кылат,
Каптап келүүчү шер эле,
Өзү кайгырбаган эр эле,
Каныкей кулунум, угуп кал.
Кызыл-тазыл кырмызы
Кыргагын тартсаң бөлүнбөйт,
Бул атын берген Шайымбет
Жоо алуучу түрү көрүнбөйт.
Уруучу кырсык урган бейм,
Көөдөк уулуң Семетей
Ардай болгон Буурулун
Кытай олжо кылган бейм.
Күндүзү ачык, түн бүркөк
Күндүн куюу бек бузук,
Аргын менен кыргызга
Кол жыйылсын, катуу чыр
Кокуй, балам Каныкей,
Кат учурсаң бат учур!»
Бакай оозун жыйгыча,
Айтып оозун жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Калк аманын көргүчө

www.bizdin.kg



Качкы какан бакырып,
Аргын каны, Сары кан
Кан Бакайлап чакырып.
Бакырыгы баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Жоо келди деп бакырып,
Акыл тапкыч Бакайды
Бери чык деп чакырып,
Атаңдын көрү, Бакай кан,
Мен билгенди билдиңби,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Кең-Колго курган бак барбы,
Бакай, керилип жатар чак барбы?
Аба Бакай карыя,
Таласка курган бак барбы,
Талтайып жатар чак барбы?
Мен көргөндү көрбөсөң,
Мен туйганды туйбасаң.
Кайнаган кытай Коңурбай
Какандын журту жабылды,
Минтип жатсаң кан аба,
Абийириң кайдан жабылды!
Менин жайым сурасаң,
Чыңдашкан жоом Коңурбай,
Чыңалуу болот темирдей.
Кайра тартып кутулдум,
Сары кан өлдү дедирбей.
Бел байлаган белим жок,
Бекип жаткан жерим жок,
Жанды кырдыгым сында жок.
Киши көрбөс тозокту
Көрбөй келдим кан Бакай,
Сан кол менен салышып,
Өлбөй келдим кан Бакай!
Маңдай-тескей туруштум,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып уруштум.
Сары кан жалгыз, кытай миң
Карсылдашып салыштым.
Каршылашып кайгырдым,
Караан кылып отурган
Калык менен Байтайлак
Бул экөөнөн айрылдым.
Камын, Бакай абакем,
Камбылдары бетинде
Каптап чыга келатат.
Камбыл Калча четинде,
Берендери бетинде,
Белгилүү Калча четинде,
Казып койгон ор келет,
Кайнатылуу шор келет,
Каптап кетер кол келет.
Жер үстүндө чөптү көр,
Чөпчө кытай көптү көр.
Кумурскалуу куртту көр,
Ошол курттай кытай журтту көр.
Жер бузулуп, чөп жайнап,
Жайнап чыгып келатат.
Жеткилеңи Коңурбай
Айдап чыгып келатат.
Олжолоду Буурулду,
Ойрон болду  Шайымбет.
Кеңде мындай баатыр жок,
Кез болгонду жай кылган
Коңурбай өңдүү капыр жок,
Өлчөп көргүн, канбача
Өлбөгөндөн салыштым.
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жан аябай салыштым,
Башым челек кан болду,
Бүткөн боюм баарысы
Былкылдабай дан болду.
Түрүн көрдүм кытайдын,
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түптүү кытай эл экен.
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Өжөр кытай эл экен.
Аралаша салышсам,

www.bizdin.kg



Албан түрлүү алпы бар.
Адамдан бөлөк кол алган
Эрен Калча каркыбар,
Жаң-Жуңу бар, каны бар.
Жалаңгыч түрлүү адамдан
Жан сыйгычтын баары бар.
Кармашса канга тойбогон,
Алышса жанды койбогон.
Аралаша кеткен жан
Эми өлдүм деп ойлогон.
Кулагы угуп, көз көргөн
Мендеде мындай болбогон.
Суур көрсө сууруп жеп,
Кашкулак көрсө кармап жеп,
Кулан көрсө кууп жеп,
Теке көрсө терип жеп,
Кутурган мындай эл көрдүм,
Беттесе менде кутулгус,
Бей жай журтту мен көрдүм.
Өнөгүн журтка бергисиз.
Өрттөнгүрдүн элинен
Кабылган аман келгисиз.
Жолоп адам баргысыз.
Жолуккан тирүү калгысыз.
Жети күнү курган жан
Жеке кирдим аралап,
Өлөрүмдө кутулдум,
Жетимиш жерден жара жеп.
Каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык.
Чамам чарчап, ал кетти
Денеден кара кан кетти.
Ичи-тышым чок болду,
Жанымда караан жок болду.
Кайран жайга зор келди,
Камынбасаң маминтип
Каптаган түмөн кол келди.
Эркин жаткан эл өлөр,
Зордукту мындай ким көрөр.
Кыймылдабай жатсаңыз
Төбөбүздөн баспайбы,
Төрт түлүктү чачпайбы.
Кайраты бар өлбөйбү,
Кайраты жок жаманды
Кармап алса көп кытай
Камчыга ченеп бөлбөйбү.
Ок өтпөгөн тон камда,
Ойрон Бакай кол камда,
Бет алдынан баралы,
Керишти кенен салалы.
Каруусу кенен капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Аз кана аргын кыргыз журт
Ажыратып калалы.
Кокуй, Бакай кол камда,
Кол камдасаң мол камда!»
Бул кабарды укканда
Ашып-шашып эр Бакай
Эсеби жок түйүлүп,
Эликтей ыргып жүгүрүп.
Кан Манастын Мунара
Мунара жайын сураба.
Тизе жерге бүгүлүп,
Мунарага жүгүрүп.
Жоо келгенде чабуучу
Кабарга каккан дообулбас –
Үнүн уксаң оолак кач.
Катарда кагат балбаны,
Анча-мынча кулактын
Жөн эле кетет далдалы.
Добулбаска каптаткан
Чылкы билдин териси,
Балта менен бир салса,
Көчүп кетет аңгырап,
Чоң Таластын керүүсү.
Жоондугу үч кулач
Доолбас бекем кагылып,
Калың кыргыз, аз аргын

www.bizdin.kg



Каптап жетти ордого
Жоо кайдалап жабылып.
Аксакал Бакай карысы
Кол чогулуп, эл толуп,
Козголуп кетти баарысы.
Колго аттан деп бакырып,
Бакай кепти баштады.
Дагы мүшкүл болду деп,
Кайнап жаткан калың кол
Жандан кечип таштады,
Кайраттуусу кан Бакай
Колду иретке салды эми.
Кол чакырып калды эле,
Аз гана эмес ал колду
Мол чакырып калды эле.
Кыйындарын камдады,
Эрендин баарын шайлады.
«Азганакай кыргыз журт,
Мен билгенди билдиңби,
Тилегениң бериптир,
Тиктешүүчү кытай келиптир.
Кармашарың каканчын,
Кайрып кыргын салгыла.
Бээжинге чейин кубалап,
Коңурбай колун алгыла!
Ок өтпөстү кийгиле,
Айза сунуп, балта уруп,
Кажыбай жоого киргиле.
Ала жүргөн кол эле,
Каканга чейин сүргүлө.
Кармап айза сунгула,
Көкжал Калча баатырды,
Көп кызыккан каапырды
Бээжинге айдап баргыла.
Улуңтуң, Дыңшасын,
Уйпап өткүн мынчасын!»
Бакай кабар салыптыр,
Алмамбет уулу Күлчоро
Кол алдында эрениң,
Атасы Алмам көкжалдан
Артыла туулган берениң.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер
Жоонун айласын билген
кыйын эр.
Балбандыгы башкача
Баатырлыгы бир канча.
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып.
Билеги жоон, таш жүрөк
Бил мүчөлүү бадирек.
Атасынан бабасы
Артыктыгын карачы.
Койгулашкан жоо келсе,
Коркуп колтук ачпаган,
Койгулаша кеткенде
Коендой жерге жанчтаган.
Айза кармап сунганда,
Бет алышып турганда
Менде чыдап барбаган,
Беттешкен тирүү калбаган.
Баатыр Күлчоро жайы ушундай
Кызарган жалын чок эле,
Жекене белге курчанат,
Жети түмөн жоо чыкса
Жеке аралап кол салат.
Шай колдогон шер чороң
Өңү кызыл, бою узун,
Көзү кара, сөзү тик
Көкжалдыгы ушундай.
Дарбазалуу ордодон,
Каныкейдин коргондон
Ойрон катын Каныкей
Ок өтпесту кийгизип,
Онжондогон сур атка
Күлчорону мингизип.
Кайра тарткан капырга

www.bizdin.kg



Ат олжолоп, эр сойгон
Кан Коңурбай баатырга
Качпай согуш салгын деп,
Олжологон Буурулду
Бээжинге чейин кубалап,
Кайра тартып алам деп,
Колу менен Каныкей
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Ок жетпести мингизип,
Жай-жарактын баарысын
Күлчорого берди эле.
Кутуруп калган Калчанын
Астынан тосо баргын деп,
Карсылдашып салышып,
Бул Таласка келтирбей
Кайра тосо салгын деп,
Кыргыздан тандап кол берип,
Күлчорону жиберди.
Анын арт жак жагынан
Көк телкини мингизип,
Көк темир тон кийгизип,
Калкан, зоот салынтып,
Жоо алат деп камынтып,
Кабарында бар бекен
Канчорону камынтып,
Чубак уулу чунагым,
Көңүлү арам болбосо,
Чуулган салат бу дагы.
Айзакерден Канчоро
Ыктуулугу дагы бар.
Атасы көкжал Чубактай
Мыктуулугу дагы бар,
Көк темирден тон кийген,
Жети түмөн жоо келсе
Жетик белин курчанат,
Жеке аралап кол салат.
Ач айкырык, куу сүрөөн
Акбалтай уулу Чубактан,
Артыла тууган чунактан
Канчоро жайы ушундай.
Толкуну көлдүн шарындай,
Чоңдугу төөнүн арындай.
Кабагы бийик буткулдай,
Кара жолтой чунагың
Кармашса жоону жуткундай.
Салкыны сырттын желиндей,
Салмагы тоонун белиндей,
Качырганы жолборстой,
Эрендиги шердиги,
Эч адамдан кем эмес
Канчоронун эрдиги.
Кайран энең Каныкей
Жасап берген кандагай
Карандын жайы бир далай.

Жамгырчынын уулу Шайымбет Тайбуурулдун күчүн берип, Коңурбайга Тайбуурулду алдырып жиберген жери. Ошондо өз ордосуна Бакай, Сары кан, Күлчоро жана Семетейди чакыртып, жоо-жарактарын камдай, Коңурбай менен урушкула деп, Каныкейдин сүрөп турган жери.

Сары кан, Бакай эки абам
Каным мында турасың.
Бел байлаган үч берен
Балам мында турасың.
Сураса бербес Буурулга
Алөөкөнүн Коңурбай
Суук укурук салыптыр,
Суктанса бербес Буурулду
Зордуктап тартып алыптыр.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин мыктуу каны эле,
Өзү жоонун айласын

www.bizdin.kg



Ашкере билген жан эле,
Айзага камбыл Коңурбай
Ыктуулугу дагы бар,
Ада Манас канды мерт кылган
Мыктуулугу дагы бар.
Боруму жандан бир башка,
Болжолсуз тууган көйкашка*
Кармашпай куру калбаган,
Өзү кагышкан жоону алдаган.
Көк ала сакал зор манжуу –
Какандан чыккан эр ошол.
Адам беттеп аша албас
Капчыгай теңгел бел ошол.
Каканчыга туулган
Кара көкжал* шер ошол
Өзү жоонун айласын билген
эр ошол.
Олжологон* Буурулду
Алтын, күмүш артпасын,
Бээжиндин Какан канына*
Бек Кары кан* алдына
Аартуу кылып тартпасын.
Күрмөчөсүн тартынып,
Күчтүүлөрү минбесин.
Таш сайынган* кытайдын
Тазалары чогулуп,
Каран калган Буурулду
Олжо кылып жүрбөсүн.
Какандан кайра кол жыйнап,
Тулпары мында келди деп,
Кайра баштап мол жыйнап,
Ай касаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Аз гана эмес, дуу болуп,
Албан түрлүү шер болуп,
Ааламды буй кылган
Албан түрлүү эл болуп,
Кызыкты Калча салбасын.
Кыргызды кыргын кылууга,
Кылча койбой бирөөнү
Такыр койбой кырууга,
Кырк кандын эли кытайды
Кылча койбой жыйбасын
Кара курттай калкы бар,
Калтырбай жыйнап кол алып,
Кайра баштан Коңурбай
Кызыкты минтип кылбасын.
Кыл немени таштабай,
Кысталак* Калча кырбасын,
Анын кыра турган себеби –
Кабылан Манас каны бар,
Алмамбет, Чубак дагы бар,
Ошондо кыраандардын баары бар,
Көргөн жанда көп арман,
Менин көжалымдын барында
Бээжинге салган чоң жаңжал.
Каарды катуу баштаган,
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын түк койбой.
Такыр кырып таштаган.
Улуңтуң*, Кеңтуң, Дыңшадан
Көкжал атаң барында
Уруш болгон мынча жан.
Кытайдан такыр кырылган
Кымбат болуп чоң казат,
Кыраандар беттеп киргенде
Өлгөн экен кызыл жагал Бороончу,
Калмактан өлгөн Ороңгу,
Каткалаң балбан Сайкалы
Кажылдап аткан кытайдын
Кулунум, кайсы бирин айталы?
Алышып жүрүп алп өлгөн,
А жолку болгон казатта
Албан түрлүү калк өлгөн.
Арслан атаң барында
Атойнок менен Көкбөрү –
Арслан Манас жөкөрү
Атыша чыгып жайнаган,

www.bizdin.kg



Коңурбайдын атасы
Ал эмес Алөөкө канды жайлаган.
Кыра берсе кыйшайбас
Нур төгүлгөн калкы бар,
Атамдын өчүн алам деп,
А дагы аңдып жүргөн каркыбар.
Көк күбө тонун жамынган
Көкжалдын бирөө Коңурбай
Көк жолборстой чамынган.
Келишимдүү кытайдан
Келберсиген Коң төрө
Алты сан балбан, сан калдай,
Атайы келип Таласты
Камап жаткан Коңурбай.
Ошо кытай келгенде
Кичи чабуул тууганда
Өйүз-бүйүз турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Бет алып айза сунушуп,
Кылыч шилтеп, балта чаап,
Былчылдашып урушуп.
Мыктуу кыргын болор деп,
Кайран энең ойлогон
Бир балакет болор деп,
Ойлобой энең койбогон.
Кызыл көйнөк, айча бел
Кылтылдаган сулуудан,
Келеңкөр чачпак, кең соору
Келинден чыккан урлуудан,
Күрөктөй аппак тиштүүдөн,
Ургаачынын жолборсу
Адамдан бөлөк күчтүүдөн,
Алтын сөөмөй акылман
Адамдан чыккан иштүүдөн
Берен энең Каныкей
Белгилүүдөн жыйнадым,
Бекерге карап турбадым,
Алма баштуу, аркар көз
Алыстан жыйнап алгамын,
Атышка балдар киер деп,
Кажыбай жоого тиер деп,
Атасы канкор шер эле
Атасын тартса бул балдар
Кыргынды кызык салар деп,
Кыстоо көргөн аз журтун
Ажыратып калар деп,
Табылгы жакса чок өтпөс,
Каран калган тондорго
Очогор атса ок өтпөс.
Аркагын болот мадаткан,
Кагышкан жоосун жадаткан
Айзанын учу жетер деп,
Күржүңдөшүп сайышса
Тигишинен кетер деп,
Алтымыш Калча Бөлөкбай
Кез-кез жерин кадаттым,
Кыз-келинди жемелеп,
Болбос жерин сектүрдүм.
Болот эгеп жиберип,
Ортосуна төктүрдүм.
Эриши жибек тарамыш –
Иштүүгө ийиртип талдырдым.
Өзүм карап отуруп,
Көзүм менен салдырдым.
Аркагы болот, жеңи жез
Атышка кылган бул тондор
Балдарым, азыр кийсең келди кез.
Берен энем Каныкей
Белекке тонду берди деп,
Бет алып балдар кийгиле!
Беттешкен жоону сүргүлө!
Баатырлык жайы ушундай
Айза сунуп, топ бузуп,
Аябай жоого киргиле.
Тагдыр жетсе окко учуп,
Кыргынды кызык салгыла.
А дүйнө кеткен Манас кан

www.bizdin.kg



Белекке калган Буурулду
Кытайдан тартып алгыла.
Кымбаты Буурул мал үчүн
Кылча көрбөй куу жанды
Кытайга кыргын салгыла.
Кайра тартпа берендер!
Кытайдын казылып жаткан орунан,
Кайнатып койгон шорунан,
Болоттон аркан торунан,
Ажыратып алып кел,
Кытайлардын колунан.
Буурул аттын айынан
Каканга казат баштапсыз,
Алтымыш келин, тул катын
Айлыңды каран таштапсыз.
Кымбат сөз айттым угуп ал,
Кыргынга кирер балдарым,
Кызык тон кылдым мунум бар.
Көтөргөнүм көп балбан
Калчага салсаң чоң жаңжал
Балдарым кийгенде болбойт
эч арман.
Каалап берем ок өтпөс
Кырааным балдар, кийгиле!
Кармаштын жайы ушундай,
Кылчайбай жоого тийгиле!
Берен энем берди деп,
Белекке каалап кийгиле!»
Канкор Манастан калган казына –
Каныкейдин ак сарай,
Анын каалгасы сом калай.
Каңгыраган карандын
Анын бекемдиги бир далай.
Белсенип душман тийбеген,
Бенде беттеп кирбеген.
Ал сарайдын жанында
Бейли кара жүрбөгөн.
Бейшаркыт адам кирбеген
Ал белгилүү жерде ак сарай
Аңгыраган карандын
Бекемдиги бир далай
Айланасын жыластын
Таштан жыйып too кылган,
Ар душмандын көзүнө
Бийиктигин too кылган,
Айланасын зоо кылган.
Төрт жагында капкасы,
Ал капканын оозунда
Багып турган бакмачы,
Кымбат жеңең долунун
Кынжылалуу балбаны,
Балбандын бирөө бошонсо
Адамдын чыгат далдалы
Желдеттери жетимиш
Душман көрсө жабылган
Бурч бурчунда кароолчу
Адамдын мурду кулагын
Тумар* кылып тагынган
Керишип адам барбаган
Буга көз болгон алптар таң калган.
Адам, сарайдын жайы ушундай
А сарайда бедел жок,
Каран калган сарайда
Эминелер бар, эмине жок.
Кайран энең берендин
Көнчөгүндө* сары ачкыч,
Сапсалгалуу баары ачкыч.
Берен энең Каныкей
Казына оозун ачты эле,
Кан Бөлөкбай баш болуп,
Алтымыш балбан басты эле.
Алып чыкты кек куржун
Ыраңы жашыл лөк* куржун.
Алып чыгып караса
Атан* эмес каранды
Бил көтөргүс лөк куржун.
Сары кан, Бакай кан турду
Бейтаалай* энең кеп урду.

www.bizdin.kg



Карап турса иш кыйын,
Ал куржундун ичинен
Чуулганды чунакка
Чубап чыкты көп буюм.
Ал буюмдун ичинде
Башына баса кийсин деп,
Айкаштырып бүчүсүн
Алкымына түйсүн деп,
Ичи суусар, тышы курч,
Тышына тарткан кара курч.
Көк темирден туулга*
Тумак чалыш ондогон.
Коңурбайдын казатка
Кайран энең болжогон,
Берен* энең бейтаалай
Берендиги ушундай.
Берeним Манас барында
Ичинен жасап ок өтпөс
Кийген энең эмеспи,
Катын башын эр кылып,
Калдайган башын туу кылып,
Камдап берген Манаска.
Канчасын кылып жеткирип,
Көнгөн жеңең эмеспи.
Кетигин түзөп болтуруп,
Кемдигин түзөп толтуруп,
Канат болуп Манаска
Коргон жеңең эмеспи,
Канчалык мүшкүл балааны
Кабылан Манас барында
Көргөн жеңең эмеспи,
Айдап аскер чыгарып,
Көнгөн жеңең эмеспи.
Анын ар жак жагынан
Алып чыгып бир буюм.
Балдарым, баатырлыктын белгиси,
Маңдайлаша калышса,
Кан төгүшүп жан кыйып,
Каршылашып салышса,
Тулпардын баары туйласа,
Туруштук бербей айзалар
Орто белден кыйраса,
Жабдыгы жок калышса,
Жакындашып барышса,
Тиктешкенде эрендер
Тизгиндеше калышса,
Кыйын кызык мунум бар,
Кымбатым балдар угуңар,
Кызык буюм мунум бар.
Беттешкен жоодон кайтпаган,
Кетенчиктеп тартпастан
Кызыккан бойдон кыраандар
Кындан суурүп алсын деп,
Кызык согуш болгондо
Кый сүбөгө малсын деп,
Уруша кеткен душманды
Узунунан салсын деп,
Алтымыш нар, кырк тайга
Атайылап жасаттым,
Мизин оюп кат койгон,
Ар шамшардын өзүнө
Актинте деп ат койгон,
Толтосу алтын машаган?
Дөөтү менен сүйлөшүп,
Төкөр уста жасаган.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.
Кынынан суурса каранды
Мунарыктап кызарган,
Ар шилтесе бир кулач
Шилтеген сайын узарган.
Болжоп кылган Актинте
Болжогон жоого жетсин деп,
Тийген жери тим калбай
Кабылдап кетип өлсүн деп,
Улап учун кынаткан.
Кара саат каранды

www.bizdin.kg



Адамдын көз жашы менен
сугарткан.
Кетилип кетсе сомдогон,
Кемтигинин баарысын
Төкөр уста Бөлөкбай
Алты (жыл) жатып оңдогон*
Ал балдарга Актинте
Аманат кылып зар ыйлап,
Аны жеңең берди эле.
Аянышпай калбасаң,
Айгайлатып кытайды
Ары таман айдасаң,
Бээжин ысык жер деген,
Бет алып адам жеңбеген.
Кара саат Какандын
Ысыгы маза бербеген.
Өрттөнүп күнү жайнаган,
Кумга койгон казаны
Куркурап чыгып кайнаган.
Жан-жаныбар, макулук
Жакындап ага барбаган,
Кокусунан кезиксе
Жан айбан тирүү калбаган.
Бээжин бейпай жер деген,
Кез болгон аман келбеген,
Бээжин жрлу беш башка,
Бет алышкан кишиге
Бейпай салган куу башка.
Ат өлбөгөн кысыкка,
Берен балдар кез болсо
Мээ кайнаган ысыкка,
Боркулдап адам чок болгон,
Бок жыттанган сасыкка
Болбой балдар киргенде,
Ушинтип жоого тийгенде
Шымданып балдар кийсин деп,
Шамдагайы болжолсуз
Шып коюп жоого тийсин деп,
Кан төгүлүп, жан кетер
Кажыбай жоого тийсин деп,
Мына ошенткен жолдо кийсин деп,
Кайран энең Каныкей
Каалап кылган кандагай
Кара жолтой карандын
Калыңдыгы бир далай.
Кайран энең Каныкей
Атбороюн сыдыртып,
Ай-ааламдын баарысын
Чалгын чалып сыдыртып,
Малдан ачып баарды,
Кыдырып кыйла шаарды.
Аты улук Бомбайды
Аны жеңең чалдырган,
Кулак угуп, көз көрбөс
Жерден кабар алдырып,
Ургаачы жолборс энекең
Уламадан улаган,
Билгичтерден сураган.
Узун кулак сарыдан,
Көп жашаган карыдан,
Жаан кескен эренден,
Аң издеген беренден
Аны энең сураган,
Сурабай тынбай турбаган,
Элдир-селдир кеп уккан,
Кең Кашкардын ар жагы,
Кебез-Тоонун буягы,
Кош-Киндик тоо урчугу,
Тоо жоголгон тумшугу
Келип энең кеп уккан.
Даңдуң-баштын тоо теке,
Териси калың зоо теке.
Сырты кара, боору көк,
Жерден андай теке жок.
Аянып энең калбаган,
Ар бир балбан колуна
Буттап алтын зер* берип,
Бөлөкбайды баш кылып,

www.bizdin.kg



Көзгө атуучу мергенден
Жер билүүчү ыктыдан,
Баскан жерден кан чыкчу
Көзгө атуучу мыктуудан
Алтымыш мерген атказып,
Даңдуң-Баштын текесин
Тоо башынан сулаткан,
Капчыгай ылдый кулаткан.
Терисин сыйрып алдырып,
Күн аптабы өтпөскө
Күл бotoдон салдырып,
Сынык кылбай бүктөтүп,
Кызыл нарга жүктөтүп,
Кызык буюм кылууга
Кымбат энең Каныкей
Чоң сандыкка баткызып.
Иритпестен, чиритпей
Ал сандыктын ичине
Жети жылы жаткызып.
Алма кабык алдырган,
Жана алты жыл болгуча
Ашаткыга салдырган,
Балбандарга тараткан,
Токсон күнү каранды
Токсон балбан чогултуп,
Токмок менен сабаткан.
Берендерге бурдурган,
Балбандардын баарына
Эчен күнгө, эчен түн
Талкалатып урдурган.
Ийи жетип, бөз болгон,
Иштүү катын Каныкей
Бейтаалайга көз болгон,
Багалегин алтындап,
Каргылап сайып кат койгон.
Каран калган жыласты
Кандагай деп ат койгон.
Кылайган керти калбаган,
Кымбат энең Каныкей
Кериш жакка шайлаган,
Иштүү бычып, уз тиккен,
Оймок ооз, бото көз
Ойкуштаган кыз тиккен.
Жылан боор бүктүргөн,
Жылас болгон каранды
Жымылдата тиктирген.
Болжолу жок кылдырган,
Болот өгөп жиберип,
Болжолдуу жерге куйдурган.
Каныкей кылган кандагай
Кымбат баалуу карандын
Кызыктыгы мамындай,
Тамандашып чоюшса,
Такыр колдор оюлган,
Тартышканда каранга
Шили болуп чоюлган.
Кое берсе каранды
Желим болуп жыйылган,
Айза урганда курч өтпөй,
Байланып учу чытылган.
Кармашам деп каранга
Ажалга өзү катылган.
Муштаса болот кайышкан,
Кылыч урса курч өтпөс,
Кыйла жабдык мүлк өтпөс,
Кылган мүлкү ушундай.
Ойрон энең Каныкей
Ошончо журттун баарына,
Жашы менен карыга,
Бакай баштык, Сары кан
Баатырлардын баарына
Ыраак сапар жол жүрсө,
Ырас мүшкүл кан күйсө
Айлап-жылдап калышса,
Жан аябай урушуп,
Кечигишип алышса
Бити биттеп кетер деп,
Көкүрөк дарт, көз жашы

www.bizdin.kg



Энеси мен бейтаалайга жетер деп,
Билбей койсом бекер деп,
Энекеси Каныкей
Эр башына кийгизди,
Он эки көйнөк, он дамбал,
Оройлуу эрен кийсин деп,
Кайкалабай, кыйшайбай
Беттешкенди сүрсүн деп.
Калдайдын уулу капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Калаймандыˣ салсын деп,
Кабылан балдар урушса
Капкайда кегин алсын деп.
Белин бекем буусун деп,
Белсене чыккан кытайдан
Берен Манастын кунун куусун деп.
Бейпайды бекем салсын деп,
Берендин өчүн алсын деп,
Өлгөнгө болор чоң арман
Кеп кылса жаңжал болсун деп.
Каарман өлүп, кан өлсө,
Кармашкан жандын баары өлсө,
Керишке кирип калк өлсө
Албан түрлүү алп өлсө,
Кемегедей бир жерди
Кемире чаап ойсун деп,
Ажал жетип күн бүтсө
Кийими менен койсун деп,
Кармаш мындай болсун деп.
Каалап кылган Кандагай
Карандар жетим, кийгиле,
Качырып жоого тийгиле.
Кан Коңурбай баатырды,
Кара курттай капырды
Каканга чейин сүргүлө.
Бурулбай бузук салгыла,
Буурулду тартып алгыла.
Мурунку көкжал атаңдан
Мурага калган Буурул ат.
А дүйнө кеткен атаңдан
Атайы калган Буурул ат.
Буурулдун жайын сурасаң –
Кулан менен куушкан,
Кыз Сайкалдын Кылкара
Коңурбайдын Алгара,
Көкөтөйдүн Мааникер,
Эр Жолойдун Суркула
Ажыбайдын Карткүрөң
Куланча кандын Кулансур,
Эр Төштүктүн Чал куйрук –
Жетөө менен туушкан.
Жеткилең күлүк Ар Буурул
Темир туяк, жез билек
Желкайыптан жалгашкан.
Тотудай куйрук чубаган,
Күн батыш менен күн чыгыш
Талыкпай чуркап чыдаган
Кагышка минсе камсыкпас,
Орукка минсе оорунбас,
Кармашка минсе карыбас.
Алты ай минсе жаныбар
Жүдөп кетип арыбас,
Артык буудан Буурул ат,
Көөнө-Турпан буягы,
Көчүгү Барбар тыягы,
Барбар чөлдүн бетинде,
Лоп дарыя четинде,
Тоо көрүнбөс талаада,
Аңгек-дөңгөк салаада
Жер жайнаган камышта,
Топурак, токой алыста,
Бир жагы чөлчө талаада
Ашкере кыргыз тукуму
Атагы ойгут эл экен.
Ал ойгутту сураган
Күрүчүн күздүк айдаган,
Күрүчүнүн күрмөгүн
Күлүккө төгүп байлаган,
Ээн талааны жайлаган,

www.bizdin.kg



Беттешип менде барбаган,
Кез болгон тирүү калбаган
Ал ойгуттун башаасы
Карача деген кан экен.
Ак марал айдап, уй кылган
Кулак угуп, көз көргөн
Жердин баарын буй кылган.
Карачанын балбаны
Кыздан Сайкал бар экен.
Кулак угуп, көз көрүп,
Элдин баарын багынткан,
Балбандыгы бар экен,
Ай-ааламды буй кылып,
Атагы чыккан жан экен.
Кармашып барып Сайкалга
Калайманды салам деп,
Алым жетсе Сайкалды
Мен колукту кылып алам деп,
Алты ай тынбай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Азгана эмес мол жүрүп,
Кан Манастын кырк чоро
Кырк чоро эмес, кырк жоро
Кыркынын жөнү кырк башка
Кыркы кылымды бузган көйкашка.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргын тийген эмедей
Кыргыл баштык карысы
Кечээ дууга кирип алыптыр.
Айыкпаган бир үлкөн*
Чууга кирип алыптыр.
Кыз Сайкалга барууга,
Казатты катуу салууга,
Кармашып жүрүп Сайкалды
Катын кылып алууга
Кырк кыраанды кошчу алып,
Кыямат кеткен шер атаң
Жекейбоз тонду бүктөтүп,
Жеткилең ок-дарысын
Желмаянга жүктөтүп,
Алты айга болжоп ок алып,
Кыраандарды чогуу алып,
Айзакерден ыктуусун,
Ажыбай, Бакай, Алмамбет,
Артыгы Чубак мыктысы
Кыраандан нечен каны бар,
Кымбаты Сыргак дагы бар.
Ардай болгон Буурулдун
Аңдасаң шондой баркы бар.
Алыш кылып Сайкалга
Алып чыккан Буурулду
Атаң Манас каркыбар,
Тоо жоголгон урчуктан,
Оңурайган тумшуктан
Тозо чыгып ал Сайкал
Желигип айза сунушуп,
Жер майышып кетиптир
Жети күн тынбай урушуп.
Көрдүңбү Сайкал каруусун,
Кызык кылып сайыптыр
Кырк чоронун баарысын,
Кыйратып аттан түшүрүп,
Кырк чоронун баарысын,
Сайкалды Кудай уруптур,
Кырк чоронун тулпарын
Кыйратып олжо кылыптыр,
Алмамбет, Манас аты уйкаш
Экөө чыдап туруптур.
Карача кандын кан Сайкал
Олоңдой болгон кара чач
Төбөгө кынап түйүптүр,
Ачууланып ал Сайкал
Айкырып үнду салыптыр,
Байтал бээнин кулуну,
Кара жылкы дулдулу
Айкөлүндүн Аккула
Жүрбөй туруп калыптыр.
Жүрбөй калган себеби –

www.bizdin.kg



Ошол жактын кулуну
Адыр-күдүр дөңгөктөн
Карачанын кыз Сайкал
Айкырып айза салыптыр.
Аңгемелеп көкжалды
Ала турган болгон соң
Сообуна Алмамбет көкжал
калыптыр.
Элден ушак кеп угуп,
Ааламдын шери зор Манас
Карачанын Сайкалга
Сайдырып ийди деп угуп,
Чыдай албай чыркырап,
Чын шерим не болду деп,
Чындап бир ыйлап буркурап,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанымды кыя албай,
Ээлигип тура албай,
Ада катын, мен катын
Кайдан чыккан не баатыр?
Беттешип айза салайын,
Колума тийсе долуну
Мен синди кылып алайын.
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Мыктап уруш салайын».
Деп, ошентип кайран жан
Акыл ойлоп, тардыгып,
Ашкере жаман ардыгып,
Көңүлүм жаман бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көчө чыктым Таластан.
Атборою сыдырып,
Кар кетпей турган Ала-Тоо
Бою менен кыдырып,
Адыр-күдүр бел ашып,
Ашуу ашып, таш басып,
Акылыман бек шашып,
Артык муздак Ара-Бел
Ара-Бел өөдө сыдырып,
Жоо-Жүрөктү кыдырып,
Тоожукенин белинен
Тозо бардым мен өзүм.
Жоо-Жүрөктүн жээгинен
Кең-Тарагай белинен
Адыр-күдүр ак кайкаң –
Мунун асты жайлоо чоң тайпаң.
Ашып түшүп карасам,
Асылым жаткан ошол жер.
Кабыланды карасам,
Калк аманын кааласам
Кечээ өткөн иштин жайынан
Калмагың тууган болбойт деп,
Көкчөкөз менен Көзкаман
Кайран жан айтып турганда
Жазайыл салды мойнума,
Алты ай салбар* бир болдум
Жатпай коюп койнума.
Төшөккө жайлуу, эрге тынч
Төрөмдүн зайбы Акылай
Төрөгө туурап эт берип,
Аккулага арпадан аса чөп берип,
Төрөм менен Аккула
Муну менен ньк семирип алыптыр,
Растап кызмат кыла албай
Эки шер ыгырылып калыптыр,
Өткөн иштин жайынан,
Кыз Сайкалдын айынан
Жоо-Жүрөктү жайладым,
Аккула менен Айкөлдү
Кайран жан колум менен байладым.
Байтал бээни байлатып,
Бал кымыз ушул болду деп,
Ичине суу коштуруп жайлатып,
Ичине ийди салгамын,
Ички майдын баарысын
Эбим менен алгамын.
Каары кымбат канкор шер

www.bizdin.kg



Ошондо колум менен байладым.
Айкөлүңдүн Аккула
Дорболоп кум төктүрдүм,
Жуушай турган жерине
Төөдөй көк муз чөктүрдүм.
Жээр чөпкө жарытпай,
Чилденин карын тептирдим,
Ичине муздак салгамын,
Ич майынын баарысын
Эбим менен алгамын.
Асылымдын Аккула
Момундай колум менен байладым.
Аколпок тонун кийгизип.
Аккуласын мингизип,
Айкөлүмдү моминтип
Сапарга гана жүргүздүм.
Аңгыраган Алты-Шаар
Алты-Шаардын бетине,
Чоң Ак-Чийдин четине,
Кулан-Сарык оозуна,
Сапарбайдын оюнда,
Жаман-Суунун боюнда,
Каржылдаган какырда
Беттешкен экен береним
Катын Сайкал баатырга.
Жылкысы буудан ала баш,
Ошондо Алмамбет, Сыргак аралаш
Эрендин баарын жеңиптир,
Кырк чоронун кырк тулпар
Кайра өзүнө тартып бериптир.
Алты күн тынбай сайышып,
Жеңген экен Сайкалды
Көк бөрүдөй бөктөрүп,
Көкжалым эңген экен Сайкалды.
Астындагы Кылкара
Калган экен жорголоп,
Карачанын Сайкалын
Канкоруң алган экен олжолоп.
Баатырдын жайы ушундай –
Билеги жоон, таш жүрөк.
Баатырдыгы бир башка
Бил мүчөлүү бадирек.
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Уңгусу болот, учу курч
Комокойлуу сыр айза
Колойтуп өөдө аштатып,
Чечилер сөздүн түйүнүн
Бакай канга баштатып,
Ааламдын шери кабылан
Эңип келди Сайкалды,
Этине келген кезинде
Жеңип келди Сайкалды.
Каарланып дардаңдап,
Карачанын Сайкалды
Зордук кылды барбаңдап.
Баатырсынган Сайкалга
Бадышаң балакет кылып турду эле.
Бу кыз Сайкал катынды,
Кылпылдаган капырды
Мунун кийгени жибек, бир барча
Тоодой башым кар болуп,
Катындан тозокту көрдүм бир канча.
Салгын катын төшөктү,
Тарткын мындай көшөгө,
Тамашага батайын,
Муну тал түштө алып жатайын,
Ырастап ырым кылгыла,
Маа азыр нике кыйгыла.
Карача кандын кыз Сайкал
Ошондо ыйлап турду чыркырап,
Болбой турду буркурап:
Көкжалым, эренге сапар жол мына,
Байлап койсоң кол мына.
Баатырлуу калаа жер мына,
Башымды кессең мен мына.
Эр болсоң тилим алыңыз,

www.bizdin.kg



Ал эрдигиң жок болсо,
Баатыр, эми өлтүрүп салыңыз.
Шер экениң билгемин,
Чабышка кыраан көкжалым,
Сенин чамаңды сынап жүргөмүн.
Бу дүйнөдө тийбеймин,
Упасыз жалган дүйнөгө
Уйпаланып жүрбөймүн.
Бу, дүйнөдө өзүңө
Мен сарсаң болуп тийбеймин*.
Тийбей турган себебим –
Ааламдан ашкан дайныңыз,
Ургаачынын башаасы
Алдыңдагы Каныкей
Алып турган зайбыңыз.
Кең көйнөктүн тазасы,
Керилген катын Каныкей
Ургаачынын башаасы,
Өзү кара сурдун сулуусу,
Ургаачынын нурдуусу.
Касиеттүү жан экен
Алган зайбың Каныкей
Тиктеген адам тим калбайт,
Эрдинде мөөрү бар экен,
Капаланса оңбойбуз,
Каргап койсо зайбыңыз
Эгерде эки болбойбуз.
Күнү болуп тийбеймин,
Күнөөлүү болуп жүрбөймүн.
Күнү болуп тийгенде
Тирүүлүктө эт жакшы,
Мундан кийин эр жакшы» –
Деп, ошентип кыз Сайкал
Болбой жатып алганда
Олуят уулу зор Бакай,
Аргын кан уулу Ажыбай,
Акбалтай кандын Чубагы,
Азыз кандын Алмамбет
Арага түшүп бу дагы.
Ошондо Кошой, Төштүк алпы бар,
Кулак угуп, көз көргөн
Кыраандын баары жалпы бар.
Билгендерди жыйдырган,
Араң жатып Сайкалга
Айкөлдү араң токтотуп,
Кыямат ике кыйдырган.
Кубангандан кыз Сайкал
Күлазык ушул болот деп,
Кол башындай чай берген.
Өзөндө аккан булакка,
Өзүңдөн чыккан туякка
Өлчөгөн күлүк болор деп,
Борон күпту тай берген.
Карачанын кан Сайкал
Каалап берген Арбуурул.
Талашып жүрүп эр Сайкал
Тартууга берген бу Буурул
Кумга тууп, ташка өскөн
Жылас болгон Нарбуурул
Жылкыдан бөлөк башка өскөн.
Темир туяк, жел кайык
Жет-Кайт минсе арыбас,
Жетимиш асый болгунча
Азуу чайкап карыбас.
Тай кезинде Буурулду
Тартып алып турганда
Бороң күпту тай экен,
Оозун ачып карасаң
Ууру тиши бар экен,
Ууру тишин чактырдым,
Кокустан үшүп өлөр деп,
Абай менен жаптырдым.
Башына үкү тактырдым,
Бирөөнүн көзү тиер деп,
Караңгы жерге бактырдым.
Колу коло болор деп,
Бугудан чылбыр сүйрөттүм,
Атка жеңил, тайга чак

www.bizdin.kg



Улаккандын эр Сыргак
Алтымыш балбан көйкашка
Адис кылып үйрөттүм.
Асылына келгенде
Бугудай мойнун бурады,
Бута бою аң келсе
Буйдалбастан чурады.
Буудандыгын билгенде
Буттап алтын зер тартып,
Букардын каны сурады.
Сураганга бербеген,
Бермек турмак каранды
Бейдаарат* киши минбеген.
Аркардай мойнун бураган,
Аркан бою аң келсе
Айныбай аттап чураган,
Ар экенин билгенде
Аттай кызыл зер берип,
Ар кайсы кандар сураган.
Сураганга бербеген
Бермек турмак Буурулду
Бейли жаман минбеген.
Асыйында ат болгон,
Желгенине жел жетпей,
Басканына мал жетпей,
Тулпардыгы билинген.
Кабар түшүп кандардан
Кадиктүү тулпар экен деп,
Кулак угуп, көз көргөн
Жерге чейин билинген,
Адам карап, көз көргөн
Элге чейин билинген,
Каканды камап алганда,
Канкор атаң Манасты
Кан көтөрүп салганда
Бээжинге салган шарт менен,
Алакандай кат менен,
Асый чыккан кезеги
Тайбуурул тулпар ат менен
Көз жашым ыйлап имердим,
Үзүктөй калпак эр Шууту
Ок өтпөс тон кийгизип,
Ок жетпеген Буурулду
Асыйында мингизип,
Учмактуу шаар Дыңшага
Көкжалым кайра тартсын деп,
Кабар бердим мынчага.
Бээжинге берген кабарга,
Кат ташыган чабарга
Кечүүдөн көрүп оолугуп,
Кечилдин каны Коңурбай
Шуутуга жолдон жолугуп,
Баскан жерин уратып,
Чоң кара ат менен чуратып,
Уңгусу болот, учу курч
Дүмөктүү болот айзасын
Коңурбай кытай сунуптур.
Акылы качып шашканда,
Алөөкө кандын уулунан
Алапайын таба албай
Азыр өлүм болдум деп,
Манас канга бет алып,
Берген катты көтөрүп,
Буурул менен эр Шууту
Бээжин көздөй качыптыр.
Каспан-Тоонун Кара-Суу
Кара жолтой мына бул.
Суунун жайын сурасаң –
Чуңкурлугу карандын
Кырк аркан салса бойлобос,
Туурасына карандын
Тулпар салса ойнобос,
Суу ичине түшкөн жан
Өйүзүнө ап-аман
Чыгамын деп ойлобос.
Кара-Сууга камалып,
Шууту жандан түңүлгөн.
Токтолуп суудан калбаган,

www.bizdin.kg



Кетмен туяк кең соору
Келишимдүү Буурул ат
Кара-Суудан чураган.
Кисенин оозу ачылган,
Жазылган каттын баарысы
Кара-Сууга чачылган.
Көктөн көгөрүп булут тутулуп
Көкжал эрен Шууту кул
Аман-эсен кутулуп,
Канкор шерге барганда
Токсон беш Бээжин козголгон.
Тозогу кымбат Чоң Казат
Аз гана эмес, мол болгон.
Албан түрлүү кан келип,
Айзалар белден бүктөлүп,
Атаң канга күч келип,
Ал Бээжиндин кагышта
Эренсинген калк өлүп,
Эрегей, жейрен жалпы өлгөн,
Албан түрлүү алп өлүп,
Чогулуп нечен кан өлгөн.
Каканга каттаган элдин баары
өлгөн,
Музбурчак, Көкчө кан өлүп,
Кез болгон жандын баары өлүп,
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Канаты сынып кайрылып,
Кара кылып отурган
Атаң кан Чубактан айрылып.
Коржоюп жөө калганда,
Кытай тегеректеп алганда
Атакеңдин сырдашы,
Асыл Бакай курдашы
Өлүм орток, жан бирге
Кою бирге короолош,
Ашы бирге жороолош,
Тапканы бирге жыйгандаш,
Өлүп кетсе ыймандаш,
Капыядан сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан,
Сапарга жүрсө ак жолтой,
Сайышка кирсе сан колдой,
Сандыргалуу Бакай шер.
Болжолу жок Бакай кан
Аколпокту кийгизип,
Асый чыкма Буурулду
Арыслан Бакай мингизген.
Каканчыны бет алып,
Кечээ болоттуу айза көтөрүп,
Кызыл айза Зулпукор
Кыргынга салса кынаган
Кырк күндүктүн чөлүндө
Атакең канды көтөрүп,
Ошол Буурул чыдаган.
Сандап кытай келгенде
Сайышка минген Арбуурул
Кайран жанга күч келип,
Кагышка кирип турганда
Чыдап берген ал Буурул.
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Убагы алты ай толгуча,
Урушу мынча болгуча
Атаң айза көтөргөн,
Коргошундай атаңды
Койбой алып көтөрүп.
Берендиги белгилүү,
Белгилүү күлүк Буурулду
Кыймалуу жагдан чалдырып,
Кытайдын каны Калчага
Буурулду болжоп алдырып,
Минтип тирүү болгуча
Каканга чейин кармашып,
Катуу казат көргүлө,
Ажал жетип, күн бүтсө
Кырылышып өлгүлө!
Эр кайраттуу болбойбу,

www.bizdin.kg



Жазайыл огун көрбөйбү,
Ажалдуу менде өлбөйбү,
Кармашарың Каканчы
Катуулап айза сунгула.
Кармашканың Коңурбай
Кан төгө казат кылгыла.
Каарды катуу салгыла
Эрендерим, шерлерим,
Ардай болгон Буурулду
Коңурбайдын колунан
Ажыратып калгыла.
Алдейлеген Күлчором,
Артык эне болууга
Мен энекең Каныкей
Оң эмчегим эмиздим,
Жүрөктүү баатыр болсун деп,
Майлуу казы жегиздим,
Алдейлеген чунактар,
Аргын менен кыргызга
Качан балан дегиздим.
Айзадагы желегим,
А дүйнө кеткен Алмамдан
Алып калган белегим.
Тулпардагы туягым,
Белгилүү Алмамбетимден
Белекке калган чунагым.
Ташты талкан кылуучу
Болот уңгу айбалтам,
Болжолсуз Алмамбетимден
Белекке калган чоң аркам.
Чубак уулу Канчором,
Солбуп чачым өргөмүн.
Согушка көкжал болсун деп,
Сол эмчегим бергемин.
Ымыркай бала кезинде
Дарты жок чоң болсун деп.
Чапчышканын сойсун деп,
Кез келишкен душмандын
Такыр таш-талкан болсун деп,
Алдейлеп бактым өзүңдү,
Баатыры журтка сынаакым,
Мурунку кыраан Чубактан
Мурага калган чунагым.
Добул урса жел тийбес,
Табылгылуу колотум,
Ирмесе жоодон кайтпаган
Таптап койгон болотум.
Маңдайкы тоодой барааным,
Бай арыслан Чубак көкжалдан
Белгиге калган чунагым.
Тоюна токсон сойдурган,
Канга ылайык болсун деп,
Атын Канчоро койдурган.
Капырдын жолу бас болсун,
Кармашка кирсең балдарым,
Алмамбет, Чубак арысландар
Жолуңдан чыгып колдосун!
Урушуң салкын күз болсун,
Саа кармашкан жоон түз болсун.
Кытайга туулган кыраандар
Ичсе суусун кандырган
Адырда аккан булактар
А дүйнө кеткен арстандар,
Алып калган чунактар!
Белсенип белди буугула,
Беттеше чыгып салышып,
Белгилүү төрө Калчадан
Бейпайды бекем салгыла,
Ошол ардай болгон Буурулду
Алөөкө кандын Калчага
Алдырып ийсе жаманат,
Аябай канды төгүшүп,
Балдарым, алып келгин аманат!
Алдырып ийсе Буурулду
Анда кытай күчөчү,
Алып кетсе Бээжинге
Албан түрлүү алпы бар.
Кармашкан кайра тартпаган,

www.bizdin.kg



Беттешкен тирүү тартпаган
Каканчынын калкы бар.
Каттаганды куткарбай,
Кара жолтой Коңурбай
Канын ичмей салты бар.
Кез болгон куру кайтпаган,
Керишке кирсе балдарым,
Акыры Буурулду албай тартпагын!
Буурул тийсе колуңа,
Ишиң түшөр ордуна.
Ал Буурулдан айрылсаң,
Иштериң качар колуңан.
Буурулду кытай куткарса
Чынмачынга каканга
Улуңтуңга, Дыңшага
Улугу мыктуу Коңурбай
Атын олжо кылдым деп,
Алпынын баарын кырдым деп,
Калжыратып бурутту
Кара таяк кылдым деп,
Кабар берет мынчага.
Карабжысын* калдайтып
Кан аламан кылуучу,
Кабар берсе Бээжинге
Калтырбай журтту кыруучу,
Төбөңдөн тийген бурут деп,
Төбөдөн кытай басуучу,
Буурул атты куткарса
Төрт түлүктү чачуучу.
Калтырбай тиет бээни,
Калтырбай кырат Таластагы дөөнү,
Жакындасаң ал кытай
Жайната муштайт мээнди.
Кыжылдаган кытайы
Кылыч сүйрөп кирүүчү,
Өз билгенин кылуучу.
Калктын баарын кыйратып,
Кара элечек кылуучу.
Казатты мыктап кылбасаң,
Кайран жан чыр дей түшкүчө
Казат баштап турбасаң,
Мунун акылманы Коңурбай
Балдарым, ошону бир мент
кылбасаң!
Буурсунду бургузбайт,
Силерди бул Таласка тургузбайт.
Дүйнөдөн Калча жоголбойт,
Коңурбай жоксон болбосо,
Бу кыргыздын иши оңолбойт.
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган.
Калдайдын уулу капырга
Бу кан Коңурбай баатырга
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Алөөкөнүн эркесин
Кечилдин каны Коң төрө –
Кесиретти кытай кул
Келберсиген чоң төрө.
Сыягы бөлөк,заары күч
Сырттандыгы көрүнөө.
Мунун баатырлыгы башкача,
Мунун балбандыгы бир канча.
Акылга дыйкан көзү ачык.
Аралаш балбан сан калдай
Арысландарды жок кылган.
Ашкере душман Коңурбай
Алышар жоонун өзү ошол».
Арманын айтып Каныкей
Аманат сөзүн табыштап,
Асыл энең муну айтып,
Каныкейдин кырк келин
Шамдагайы болжолсуз,
Албан түрлүү канча уруу
Ок өтпөсту кийгизип,
Онжондотуп ордодон
Ок жетпеген тулпардын
Олуясын мингизип.
Керишке минер тулпардын

www.bizdin.kg



Кээ бирөөсү үкү аяк,
Келишимдүү карандын
Кээ бирөөсү түрс аяк.
Кээ бирөөсү жез билек,
Кергиштеген бууданды
Эрендерге мингизип,
Энишериң Калча деп,
Каалгасы калай ордодон,
Кайнардын кара көзүнөн,
Как чынардын өзүнөн
Каныкейдин Көтөрмө,
Көтөрмөнүн оюнан,
Жылгындуунун боюнан,
Баякы чоң Таластын оюнан,
Төрт-Күлдүн төмөн жагынан,
Төрө атасы Манастын минген
тагынан
Кулпусу алтын ордодон,
Дарбазалуу коргондон,
Каныкейдин сарайдан
Казатка чыкты бул эрен.
Арысландай чамынып,
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Туучунактай ат минип,
Туучунактын куйругун
Туура кармап шарт түйүп,
Ажал жетсе өлөм деп,
Айлам болсо балдарга
Караан болуп берем деп,
Кан Сары кан абаңыз –
Кайраты мынча караңыз.
Чочунуп айткан сөзү бар,
Адамдан бөлөк сыягы
Чекеде жалгыз көзү бар.
Катуу балбан, баркы бар,
Ай-ааламды буй кылган
Адамдан бөлөк каркыбар.
Туучунак тулпар малы бар,
Сандап-миңдеп жоо чыкса
Жеке кирчү алы бар.
Ороюн көргөн чочуган,
Ал Сарыкан абаңдын
Ойрондугу дагы бар,
Жоо айласын бек билген
Коргондугу дагы бар.
Тоодой чокмор колго алган,
Тоо кезиксе бир салган.
Чокморунан чок чыккан,
Тоону салса от чыккан.
Кармашса күнүн көрбөгөн,
Өнөгүн жоого бербеген.
Айзакерден Сарыкан
Ыктуулугу дагы бар,
Жоонун айласын билген ашкере
Мыктуулугу дагы бар.
Сарыкан чыкты согушка
Жай-жарагын жайланып,
Жанына жалаң кылыч байланып.
Окчонтойду бүктөтүп,
Окчонтой менен бир окту
Желмаянга жүктөтүп.
Керней-сурнай тартылып,
Керикке* ок-дары артылып,
Согушка кабар берүүчү,
Менде таң калып көрүүчү.
Сарыкандын доолбас* –
Үнүн уксаң оолак кач.
Өзү билдин териси,
Доолбасты бир чапса
Көчүп кетет даңгырап,
Бу Таластын керүүсү,
Жоондугу үч кулач,
Үнүн уксаң оолак кач.
Чабарда чабат балбаны,
Кайраты жок кулактын
Жөн эле чыгат далдалы,
Доолбас бекем кагылып,

www.bizdin.kg



Аргындан айдап кол алып,
Азгана эмес мол алып,
Айзакерден ыктуу алып,
Жоонун айласын билчү мыкты
алып.
Чалгын жүрсө чарчабас,
Кара көңүл эрди айдап,
Балбандарды тең айдап,
Сыр айза колдо көрүнүп,
Сарыкандын Калыгы
Сайыш жакка бөлүнүп.
Жер дүңгүрөп, чуу туруп,
Сарыкан келип турду эле,
Эр Семетей көкжалга
Эми кебин урду эле:
«Ата, күмүш түрлүү күн көздүү,
Ата, күйүттү өлүм жалгызы!
Эштектерден Жамгырчы,
Жамгырчыдан Шайымбет
Туугандыкты көрүпсүз,
Тууганым деп чиркинге
Тулпар күчүн берипсиз.
Кыймалы жагдан чалдырып,
Кызыл Буурул тайкы жал
Кыргынга минер Буурулду
Коңурбайга алдырып,
Эрдигиң мол, эсиң жок,
Эселек төрөм, кантейин!
Шайымбет айтса көнүпсүз,
Белгилүү буудан тулпарды
Баатыр, бээжайга олжо берипсиз.
Баатыр, ай караңгы бүркөлдү,
Кадыр түн* өңдүү түн кайда,
Кырк урук кытай кымбат жоо
Кызыл Буурул тулпарды
Баатыр, ажыратар күн кайда?
Доолбас кулак тундуруп,
Сарыкан келип турду эле.
Көк рапыз тон кийип,
Көкчолок тулпар ат минип,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан колго алып,
Баатыр шери Бакай кан
Бал менен оозун чайкаган,
Аягын бакка бөлөгөн,
Башын чырк алтынга жөлөгөн,
Айла тапкыч алыстан
Арыслан Бакай даанышман.
Караңгы түндө көз тапкыч,
Капыяда сөз тапкыч.
Миндей мүшкүл иш түшсө
Кайран башка иш түшсө,
Шашып Бакай жаңылбайт.
Караңгыда корсаңдын*
Изине салса жаңылбайт.
Карыганда кан Бакай
Кайраты толук сынаакы.
Адамдан артык туулган,
Айкөл Манас барында
Ааламга салган чуулган.
Арыслан Бакай карыя
Кыргыздан жыйып кол алып,
Кыйла колду мол алып,
Сакалы куудай агында,
Сапары чукул барында
Ажал жетсе өлөм деп,
Эр Семетей көкжалга
Каран болуп берем деп,
Касаба колдо калкылдап,
Кара болот Зулпукор
Билегинде жаркылдап.
Билеги чулу, таш жүрөк,
Билимдүү Бакай бадырек.
Мубакүлдүү сыр айза
Бурчтан кармап ургулап,
Ак сакалы жаркылдап,
Айбаттанып таркылдап,
Кабылан Бакай келди эле.

www.bizdin.kg



Эр Семетей, Күлчоро,
Канчоро баштык үчөөнө
Канкор Бакай абаңыз
Кайрат айта берди эле.
«Балдар, менин кармашарым
какanчы
Касташканым Бакбурчун,
Улугун союп бу журттун
Кан ичип жүрүп катыктым,
Канкор Бакай атыктым,
Бээжинди бузуп дилде алдым,
Кара көз кызын олжолоп,
Тейтей кыздан миңди алдым,
Каканды бузуп кайрылдым,
Кабылан Манас шеримден,
Эгизимден айрылдым.
Түгөйүнөн айрылган
Түгөнгөн Бакай абаңдын
Түрүн мындай карачы,
Кырк күнчүлүк чөл Бээжин
Кымбатым көкжал барында
Чала жүргөн жол эле.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Калчаны
Алты жол сайган кол эле.
Бээжин ар жак жагында
Балалуу шаары Зазаңшаң,
Ошонун каны Мадыкан
Айласын тапкан мен элем.
Жаралып чыгып мен Бакай
Манастан качан кем элем.
Балдар, үстүмдөгү ок өтпөс
Суу болгондо көрдүңөр,
Кайран кара сакалым
Куу болгондо көрдүңөр.
Акыл качып, иш кетип,
Жол болгондо көрдүңөр.
Акылман Бакай абаңды
Кор болгондо көрдүңөр.
Көк тулпар ат баспаган
Жетигим Манас барында
Жерде бүтүн бар беле?
Жетип айзам тийбеген
Элде бүтүн бар беле?
Кармашарың Коңурбай,
Катуу айза уруп жеткиле.
Буурул аттан айрылып,
Минтип тирүү жүргүчө
Кыргын болуп кеткиле.
Алөөкөнүн Коңурбай
Буурул ат алып, зор болуп
Түп-Бээжиндин журту козголуп.
Айгайлаган кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Кутурган экен Коңурбай.
Күрдөөлү бубаш барында
Күлүктү кантип беребиз,
Күчөгөн экен ал кытай
Эми күрөш кылып көрөбүз.
Туйгун бул баш барында
Тулпарды кантип беребиз,
Кутурган окшойт ал манжуу
Жүр балдар, кулжуңдашып көрөбүз.
Акыр-такыр дүмөктү
Артынан кууп салалы,
Асылымдын Буурулун
Ажыратып алалы.
Топон жетпес Бээжинге
Токтобой тозок салалы,
Эштектерден Жамгырчы
Эрендин кунун алалы.
Бу жаңжалдын ичинде
Сарыкан, Бакай карысы
Кызык болуп урушуп,
Кыргын тийген немедей,
Кырылсын журттун баарысы.
Балдар, кагыштын жайы ушундай,
Калайман түшүп, кан өлсүн!

www.bizdin.kg



Ошо, кагышкан жандын баары
өлсүн.
Кыргыз, кытай тең өлсүн,
Кыйынсыган эр өлсүн.
Адам өлүп, боо түшсүн,
Азууларын аркайтып
Ат өлүгү тоо түшсүн.
Зордугу тоодой Калчанын
Ар качандан бир качан
Алеңгир салды Коңурбай.
Күн кечкирип, түн түшүп,
Коңурбайдын урушта
Акыр заман күн түшсүн.
Кайрат кылган баатырлар,
Кармашарың Коңурбай
Казат кылып көрөлү.
Кан Коңурбай баатырга
Чалыяр тийбес Бээжинге
Чалкалап айза суналы.
Чама келбес Калчага
Куу жанды курман кылалы».
Абаң Бакай муну айтып,
Кайраттуулар жабылды.
Казаттын жайы ушундай
Энди баары камынды.
Асманга учту топурак,
Аскер кайнап топурап,
Жер дүңгүрөп козголуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Керней-сурнай тартылып,
Билге ок-дары артылып.
Жазайыл үнү чаңырып,
Айзанын башы чабышты,
Аскер жайнап эл толуп,
Адамдын башы кагышты.
Ат ойношуп топтолду,
Асты катуу кара жер
Калыңынан токтолду.
Жер дүңгүрөп, чуу толду.
Жезнай үнү такылдап,
Барабан үнү бакылдап,
Албан түрлүү алп болуп,
Кол жүрүп, кайнап эл толуп,
Аз гана эмес, мол болуп.
Коңгуроо белги кагылып,
Кол эсинен жаңылып.
Көк найзада бедел жок,
А колдордун ичинде
Эминелер бар, эмине жок.
Түндө эшикке чыкпаган
Коркоктору дагы бар
Айбалта жаза чабычу,
Чоркоктору дагы бар.
Айгай укса антаңдап,
Шашчылары дагы бар.
Чуу укса элден бөлүнө
Каччуулары дагы бар.
Ал колдордун ичинде
Айзакерден бек даңгыл
Ыктуулары дагы бар.
Жоонун айласын жетик билүүчү
Мыктуулары дагы бар.
Жанга өлчөлүү сынчы бар
Туу түбүндө көгөрүп,
Туу түбүндө турчу бар.
Жоону көздөй беталса
Ала көөдөн дардаңдар
Каарланып келгенде
Канча жанды кырчы бар.
Айзага артык даңгылдар,
Келишимдүү балбандар
Кармашарың каканчы,
Басташчу элиң Бакбурчун.
Чын маңдайга келгенде
Тобокел деп көрчүң бар.
Кармашка кирсең камсыкпай,
Кайра тартпай өлчүң бар.
Топурак каптап, тоз күйсө

www.bizdin.kg



Тоодой толкуп эл жүрсө,
Боз мунарык чаң болсо,
Чыдап берчи эриң бар.
Кара мылтык карс этсе,
Кайра тартпас шериң бар.
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочуп кетпес эриң бар.
Каканчынын калкы бар,
Кагышкан кайра түк тартпайт
Кан ичүүчү салты бар,
Кырк уруунун эли бар
Кымбат Бакай сүйлөдү,
Абаңын айтар жөнү бар.
Балбандары башкача
Куйкаланган кытайдын
Баатырлары бир канча.
Дөөсү бар, алпы бар,
Жан кезиксе Куткарбас
Атка оюнбоз, Жөө күлүк
Амалкөй балбан жалпы бар.
Буу кутурган кытайдын
Албан түрлүү калкы бар.
Кагыша кеткен адамдын
Канын төкмөй салты бар.
Не деген кыйын балбаны
Ай-ааламды буй кылат
А балбандын жаңжалы
Кумурсканы көр, куртту көр,
Кумурска кумдан канча көп,
Куртчалык кытай журтту көр,
Каарына алганда
Канчасына эсеп жок,
Карга көрсө кагып жейт,
Кулан көрсө кууп жейт.
Теке көрсө терип жейт,
Албан түрлүү эли бар,
Ал элинин ичинде
Адамдан бөлөк эри бар.
Айта берсе түгөнбөс,
Албан түрлүү эри бар.
Канжаркол дейт атагы –
Анын ааламга жетет чатагы.
Алардын жөнүн сурасаң –
Энеси инди жалабы,
Атасы кытай долусу.
Эңкейтип адам жеңеби,
Айбанга чалыш доңузу.
Кыйкырса кулак түк укпас,
Кулуктугу дагы бар.
Сүйлөсө тилин жан укпайт,
А кутурган куу журттун
Дудуктугу дагы бар,
Бел байлаган бели бар,
Бек бекиткен жери бар.
Айкөлүндүн Буурулун
Шайымбет колго түшүрүп,
Алөөкөнүн Коңурбай
Алып кеткен чени бар.
Айныбай уруш салсаңар,
Келберсиген Буурулду,
Керишке минчү тулпарды
Коң төрөнүн колунан
Ажыратып алсаңар,
Акыр Кудай бергени.
Буурул тийбей колуңа,
Олжолосо Коңурбай
Каканчынын шаарына
Чылабанын чын каны
Чын Карыган алдына
Кырк эшиктүү Бээжинге,
Бул дарбаза, бул эшик
Аянбай жүргөн адамга.
Кырк күнчүлүк жолуна,
Тартуу кылат Коңурбай
Чың канынын колуна.
Алтын-күмүш арткан соң,
Чоң канына тарткан соң
Акылды каны таппайбы

www.bizdin.kg



Чымынын койбой кыргыздын
Чыркыратып чаппайбы.
Буурул тийсе олжого
Өз билгенин кылуучу,
Кылча койбой кыргызды
Канкордун уулу чунакты
Буурул колго тийди деп,
Буурулду кармап минүүчү.
Ай-ааламды буй кылып,
Бизди кытай сүрүүчү,
Буурул кетсе мүшкүл иш,
Чоң канына жеткизсе
Бедөөнүн* чачын өрүп ал,
Белсенип турган Калчаны
Бу Таластан көрүп ал.
Буурул кетти дегиче
Бузук күн түштү деп койгун,
Калың кыргыз кайран журт
Кара-Буура, Чаткалга
Качып шашып жыйылар,
Калбай бир журт кырылар.
Буурул тийсе колуңа
Ичинде күйүт чачылар,
Умаштай көзүң ачылар.
Жетик капка чоң Дыңша
Жетип ашчу тоо эмес,
Кырк уруу кытай кымбат эл
Ойноп келчү жоо эмес.
Ар Бээжинде капкача,
Капкадагы бакмачы.
Бу дүмөктүү чоң Какан
Жолборсу он беш төлдөгөн,
Жолугуп жоо жеңбеген,
Алты таш жерден лоп тарткан.
Ажыдаары алтымыш
Анын аржак жагында
Жапса жанды жоготкон,
Кылыч тумшук били бар.
Кытай оңой калк эмес,
Менин кымбатым балдар, билип ал!
Тайбастан баккан үчөө бар,
Моюнунда бүчү бар,
Бир тайбастын өзүндө
Токсон жолборс күчү бар.
Тайбасчылык калкы бар,
Катылганды ал кытай
Кайсап салма салты бар.
Ушу турган кыргыздын
Аркы атасы Ногой кан,
Ногой кайдан оңойдур.
Ошол Ногой барында
Сомдуктун суусун бойлогон,
Аны менен согушкан бенде сойлогон.
Кезикkенди кемирген,
Келген жоону жемирген,
Кан агызып катыккан,
Сурап ичсе түк тойбой,
Сугалагын түк койбой,
Канды кечип катыккан,
Кабылан кыргыз атыккан.
Жүргөн жолдон чаң чыккан,
Аржакы атаң Ногойдун
Каңыртынан жан чыккан.
Ногойдон тууган Каракан,
Каракан деген кан чыккан,
Каракан жайын сурасаң
Как Ногойдун өз уулу,
Кайратынан жан чыккан,
Кылычын кынга жөлөгөн,
Кызыккан жоого кез болсо,
Кыпкызыл канга бөлөгөн.
Кайраты мыктуу Каракан,
Каракандын каарынан
Качып душман тараган.
Куу ылаачын теппеген,
Кууда бүтүн калбаган.
Каракандын куу тулпары баспаган
Жерде бүтүн калбаган.

www.bizdin.kg



Каракан чаап албаган,
Элде бүтүн калбаган.
Капчал бузуп жол салган,
Ал Каракан барында
Бээжиндеги Чылаба
Чылабага кол салган.
Айкырып айза сунганда,
Кошун жыйнап, кол куруп,
Чынмачындын чын каны
Чылабага кол сунуп,
Кошун каптап, айза уруп,
Кокуй болуп туруптур.
Каканчыга каттатпай,
Чылаба жаңжал кылыптыр.
Дыңша деген калаада,
Бер жагында далаада
Керигин минип чуратып,
Кытай кандын Чылаба
Жекеге чыгып келиптир.
Мубакүлдүү сыр найза
Бура кармап буруптур,
Куу тулпарды камчылап,
Борбуй итке бир салган.
Чылабага кол салып,
Айта-буйта дегинче,
Ачып көздү жумгуча
Айтып оозду тыйгыча,
Ат тизгинин жыйгыча
Чылаба канга караган
Жебеден мурун жетиптир,
А Чылаба чоң канды
Керигинин үстүнөн
Көмө коюп өтүптүр,
Каракандын жөкөрү
Кайран Шыгай жетиптир,
Уңгусу болот, мизи курч
Учмактуу дүмөк айбалта
Жетип барып зор Шыгай
Башын кесип өтүптүр,
Кытай тартып сыбызгы
Кан Чылаба өлдү деп,
Кайра тартпас чын дүйнө
Кайран киши көрдү деп,
Ошондо асманга учкан топурак.
Аскер кайнап топурап,
Добулбасын ургулап,
Алекти кытай баштаган,
Бу дүнүйө жалганчы
Бузулуп кете таштаган.
Жер силкинип оюлган,
Бурулбай жоого тийген деп,
Муну менен кыргызың
Бурут атка коюлган.
Кан өлгөндө жадаган,
Кууп кирип кытайды
Чоң-Бээжинге камаган.
Турганына кат берген,
Үрүмбоз деген чоң тулпар
Каны тартып ат берип,
Тартуу тартмак бат берип,
Алтын дилде, уз берип,
Ал алтындын артынан
Оймок ооз, бото көз,
Кырмызы көйнөк, айча бел
Кылтылдаган сулуудан
Санаты жок кыз берип,
Тартуу кылып, баш тартып,
Күлазыктап аш тартып,
Ар жагына баралбай,
Тартуусун алып Бээжиндин
Түбүнө колун салалбай
Кайра тарткан Каракан.
Нур төгүлгөн Чоң-Бээжин
Улугу жаткан атагы,
Уулум, балдар, угуп ал,
Атаңардын чатагын.
Тартуусуна дилде алып,
Дилде жүктөп билди алып,

www.bizdin.kg



Эр экени билинген.
Каракандын чатагы
Каканчынын чоң каны
Даңзасына* чийилген.
Каракан балбан аты улук,
Катын алып Бээжинден
Калып калган макулук.
Көөдөндө болот көп арман,
Ушундай болгон шум жалган.
Катын алып Бээжинге
Калып калган турганы.
Ада чын бусулман тукуму,
Калып калган дуңгана.
Бейлесе болот бир арман.
Ашкере кыргыз тукуму,
Азыр сурасаң таап аларсың
Чын кыргыздын тукуму.
Салалык деген эл калган,
Кожолук деген бир уруу,
Ада кокондук журттун тукуму.
Бээжинди камап кайтканда,
Айлына аман тартканда
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Каракан өлгөн минетип.
Ал Каракан өлгөндө
Кан өлгөндө кыргызды
Кытайдан чыгып Молто кан
Камчыга ченеп бөлгөнү.
Үп этерге алы жок,
Жүк жүктөргө малы жок,
Кан өлгөн соң алы жок
Калың журт мүшкүл көрүптүр,
Ажалдуусу өлүптүр.
Ажалы жок тирүү журт
Тирүүлүктө кытайдан
Көрдөй кыстоо көрүптүр.
Өтүп кеткен Каракан
Алымдуу мыкты кан экен,
Кээси жалкы, кээси эгиз
Сегиз уулу бар экен.
Кан атасы өлгөндө
Эр боло элек бала экен,
Акылдан эң баш чала экен.
Кара калмак, манжуу журт
Каптап кирип балдарды
Кара жер менен тең кылып,
Каптап кирип балдарды,
Чыйрактарын союптур,
Жай билбеген жаманын
Өлтүрбөй тирүү коюптур.
Денекул кылып баарысын
Туш-туш жакка бөлүптүр.
Бирөөнү айдап эрээнге,
Бирөөн түшүрүп ийген тереңге.
Бирөөн кууп Алтайга,
Мунун бирисин кууп Каңгайга
Тополоңун тоз кылып,
Туш-тушка айдап бөлүптүр.
Алтайды көздөй куулуп,
Ал Алтайга барганда
Атакең Манас туулуп,
Ордо чаап, олжо алып,
Орчун журтка кол салып.
Орго канын оройтуп,
Дөңгөсүн союп соройтуп,
Тообурак Ак-Чий жолду алып,
Кагышып кытай кан өлгөн,
Аркасы тийип атаңдын
Чоң атаң Жакып журт көргөн.
Ай кыяда көчү бар,
Атасы Алөөкөнү өлтүрүп,
Баласы Коңурбайдын өчү бар.
Буурул кетти дегиче,
Балдар, бузук күн кетти десеңер!
Кокустан Калча кутулуп,
Түп-Бээжин кетти дегиче
Дүмөк күн түштү десеңер.
Эр Семетей, Күлчоро

www.bizdin.kg



Ырдап айттым ырымды,
Ырас, балдар, кеп уксаң
Таамайлап айттым чынымды.
Түнөрүп жаткан Коңурбай
Казатты кылсаң кулунум,
Алөөкөнүн Коңурбай
Узунунан салып бер.
Бу жоболоңдуу манжууну
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарып бер.
Башын кесип байланып,
Кан абаң Бакай канга алып кел!
Куйүттүн баарын коёюн,
Эки көзүн оёюн,
Куурдак кылып тоёюн.
Күнүм Манас көкжалдын
Куйүтүн анан коеюн.
Бирөөнүн атына каткан жүгөнү,
Ал дүйнө кеткен Алмамдын
Алты айлык калган күмөнү,
Бириң капчалдын тунук булагы,
Бириң берен Манас көкжалдын
Белекке калган чунагы.
Бириң атасы кыраан Чубактын
Бирөөң алдейлеп калган ынагы.
Балдар, күлүктөн тулпар малың бар,
Белсенип кирсең берендер,
Бээжинди бузар алың бар.
Балдар, Кудай үчүн, мен үчүн,
Курган кыргыз эл үчүн,
Айза имерип, топ бузчу
Дагдыр күн жетсе окко учкан.
Ажалдуу киши өлбөйбү,
Кудай салып койгонун
Курган бенде көрбөйбү.
Казылган терең орунан,
Кайнатып койгон шорунан
Ажыратып алып бер,
Буурулду кытай колунан.
Тулпардын оозун буруп бер,
Калчага айза сунуп бер,
Балдар, кытайдын журтун кырып бер,
Буурулду көзгө көрсөтсөң,
Эй, балдар, тирүү жүрүп нетейин,
Картайып келген кан Бакай
Мен силерге курман болуп кетейин!
Эрендерим, кандарым,
Эш туткан көкжал балдарым!
Кайран жан нечен кысылган,
Кагыштын жайы ушундай,
Кыйын шердин балдары,
Кыйкырык салып жеткиле,
Ардай күлүк мал үчүн
Ата, балдар, жөн калбай
Кыргын салып кеткиле».
Деп, ошентип зор Бакай
Эңкейиште эр сайгын,
Балдар, элүүдөн катар тең сайгын,
Өткөн атаң Манастан
Он эсесин көп сайгын,
Эй, балдар, сенин барыңда
Аргын, кыргыз аз журтуң
Жаяны кесип жеп турат,
Үч көкжал көзү барында
Жаңжуңду бузам деп турат.
Карды ачып кетсе, кайран журт
Казыны кесип жеп турат,
Каканды бузам деп турат.
Карыганда Бакай кан,
Картайганда Сарыкан
Балдар сенин алдыңа
Курман болсок деп турат.
Каза жетип, күн бүтсө,
Кагышып жүрүп өлөрбүз.
Өлбөй тирүү турганда
Балдар, караан болуп берербиз».
Деп, ошентип, зор Бакай

www.bizdin.kg



Карыганда кеп айтып,
Баатыр абаӊ Бакайдын
Балбандыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча,
Абаӊ Бакай эр көкжал
Өчкөн отту тамызган,
Өлгөн жанды тиргизген.
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Бекерге карап жатпаган,
Кароолду чалгай атпаган,
Кабылан Манас төрөсүн
Ата болуп сактаган.
Карпаӊ уруп зор Бакай
Капка-Ташка көп токтоп,
Качанкыны бек жоктоп,
Ак сакалы суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Ээн калсын Бакайдын
Акырек ылдый куюлуп.
Санаасы сайсай бөлүнүп,
Санаа тартып зор Бакай
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Билбегенди билгизген,
Билимдүү Бакай абаӊыз,
Туйбаганды туйгузган,
Бакайдын туйгундугун караӊыз,
Өзү адамзаттын туйгуну,
Абаӊ Бакай зор көкжал
Олуят чалдын кулуну.
Атбороюн сыдырган,
Ааламдын баарын кыдырган,
Канча дөөдөн кат алган,
Кабылан Бакай аталган,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Жети милек жоо келсе
Жеке кирип бир тийген.
Эрдигинен оолуккан,
Он экиде Манаска
Жолдош болуп жолуккан,
Качырган жоосу жүн болгон,
Берен Бакай абаӊыз
Манаска Кадыр түн болгон.
Болумдуу Бакай көкжалдын
Болжолу жок аркасы.
Картайса да Бакайдын
Семетейге артык чоӊ
Ала-Тоодой аркасы.
Жер тумандап чаӊ болуп,
Көк ала калкан тон кийип,
Көк чолоктой ат минип,
Турбай Бакай абаӊыз
Туу кармаган ал болуп.
Жер тумандап чаӊ болуп,
Албан түрлүү жан болуп,
Туучунагын туйлатып,
Белгилүү каныӊ Сарыкан
Эл айдаган ал болуп,
Коӊурбай көздөй бет алып,
Кол чуркурап дүӊгүрөп,
Болоттон айза көтөрүп,
Доолбас бекем кагылып,
Кол эсинен жаӊылып,
Ай касаба туу толуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Уӊгусу болот, учу курч
Болот айза ашташып,
Казаттын жайы ушундай
Малы турмак жөн эле
Жанынан кече ташташып,
Боз кисени курчанып,
Кыргыздар сүрөөн үн салып,
Айзанын башы чабышып,
Аскердин башы кагышып,
Билериктүү эӊ окшош
Сур мингенин бир бөлүп.
Минилбеген эӊ сонун
Кур мингенин бир бөлүп.

www.bizdin.kg



Мунун сары атчаны бетинде,
Салмактуусу четинде.
Баатырлары бетинде,
Балбандары артында,
Эселеги четинде,
Эрендери бетинде.
Кум кыялап кесеңдеп,
Айдап келип берди эле,
Курчап кыргыз калың журт
Жыйнап келип берди эле,
Жылкысы тулпар ала баш,
Аргын, кыргыз аралаш
Ал колунун артынан
Астындагы мингени –
Береки Манас көкжалдан
Белекке калган Тайтору.
Үстүндөгү кийгени –
Манастан калган Аколпок,
Топчулугу бир тогуз,
Топчулугун кабыштап,
Мунун бүчүлүгү бир тогуз,
Чымындай жанга табыштап,
Манастан калган боз кисе
О дүйнө кеткен Манастан
Аманат калган Зулпукор
А жанында шаркылдап.
Ойноп атсаң очогор,
Чындаганда койчагыр,
Жоого салса топ бузар.
Баранын атса таңылбас,
Алтымыш атса бузулбас,
Артык болот Алмабаш*,
Ыраак-жуук ылгабас,
Асынганда жөн эле
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого сунганда
Аманат жандын эрмеги.
Мурунку кеткен Манастан
Мурага калган Аккелте
Айдалыда жаркылдап.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскар тоодой көрүнүп.
Арыландай көзү чачырап
Астындагы бууданды
Тай буурулдан ажырап,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Капаланып ич күйүп,
Көңүлү жаман бөлүнүп.
Мурду сеңир буткулдай,
Манастын уулу бадирек
Булкушканды жуткудай.
Капчал тоонун сеңирдей,
Манастын уулу бадирек
Кагышканды жегидей.
Бой болжолун карасаң,
Толкунуна көкжалдын
Тоо туруштук бергисиз.
Кырк кандын эли жыйылып,
Кан Коңурбай баш болуп,
Баатырга кагышып жакын келгисиз.
Алтын кисе курчанып,
Адам, ай тийгендей нур чалып.
Семетей жайы момундай –
Жаргак ооз, жар кабак,
Сыягы башка, заары күч,
Көкжалды көрсөң жөн эле
Өлдүм деп жандан күдөр үз.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көкжал өткөн Манастын
Дал өзүндөй көрүнүп.
Баатырдын жайы ушундай –
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Атасы Манас көкжалдан
Арта тууган кайран эр.
Болбой сөздүн бекери,
Баатырдын кол ичинде жөкөрү,
Серпишке кирчү көйкашка,

www.bizdin.kg



Карааны жандан бир башка,
Баатырындын жөкөрү,
Беттешип жоого кирүүчү,
Кагышка бирге кирүүчү,
Караан болуп берүүчү.
Кармашка мурун жетчүсү,
Андай-мындай дегиче
Карсылдаша кетчүсү.
Серпишке кирчү чоңдору,
Жан алгычтай болжолу,
Ал жөкөрдүн ичинде
Бөрк ал десе баш кескен,
Бөлөк сындуу эрени.
Суу ич десе, уу ичкен
Кызылдай жинди эрени.
Кар төк десе, жин төккөн
Канкорго тете берени.
Чапса балта өтпөгөн,
Сайса кылыч тешпеген,
Себилчени сексен төрт.
Көкжалдын серп алган жагы кызыл өрт,
Баатырлары, шерлери
Баары катар чуу туруп,
Доолбас кулак тундуруп,
Айгай артык дуу болуп,
Каарланып жайланып,
Жоо-жарактын баарысын
Тегиз баары камданып.
Мына ошондо Семетей
Каалгадай кашка тиш –
Калайыктан башка тиш,
Тиштенгенде жөн эле
Таруудайдан быркырап,
Оозунан көк жалын
Октос берип буркурап,
Кайрат айтып калкына,
Качырган жоодон тартпа деп,
Арты-артынан чегинип.
Кетенчиктеп качпа деп,
Мына ошондо Семетей
Айдап жүрдү артынан,
Ата, козголбогон кайран эр!
Буурул аттын дартынан
Капа болуп кайгырып,
Кадыр табам деп туруп,
Буурул аттан айрылып,
Коломсоктой кайран эр –
Козголбогон кайран эр.
Кол алдына караса,
Баарысынан башкача,
Баатырлыгы бир канча.
Алмамбет уулу Күлчоро
Ааламды бузган шер экен.
Теги бала кургурдун
Телегейи тең экен,
Абасынын алдынан
Бата сурап бадирек
Азыр келген кези экен.
Оң далысы кең экен,
Бул оюлган Кулчоро
Ойроттон чыккан шер экен.
Жайнаган кызыл чок экен
Кулак угуп, көз көргөн
Ай-ааламда жок экен.
Жайнаган кызыл чок экен,
Душманга болот ок экен.
Минген аты сур экен.
Телегейи тең экен.
Тегиз Алмам көкжалдан
Артыла тууган эр экен.
Суудай сур ат минип,
Онжоңдогон сур аттын
Сулп куйругун бек түйүп,
Жазайылды салынып,
Жан алгычтай кысталак
Жоо жагына камынып.
Жай-жарагын шайланып,

www.bizdin.kg



Жанына кынсыз кылыч байланып.
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып.
Билеги жоон, таш жүрөк
Бил мүчөлү бадирек.
Комокойлуу сыр айза
Колойтуп өөдө аштаган.
Койгулашса душманга
Коркуп колтук ачпаган,
Койгулаша кеткенде
Коендой жерге жанчтаган.
Кең көкүрөк, жайык төш
Келишимдүү Күлчоро
Сары ок өтпөс тон кийип,
Сары жаргак шым кийген.
Сандаган жоого катылса,
Жеке аралап бир тийген.
Ата жайын сурасаң –
Алмамбеттин баласы.
Душман бузуп алалгыс,
Аргын менен кыргыздын
Темирдей чептүү калаасы,
Буурулду тартып алууга
Коңурбайда санаасы.
Кош олоңдуу чунактын
Эрдиги мынча карачы.
Каныкейдин ок өтпөс
Киндигинин башынан
Ок өтпөстү кийинип,
Кытайды жоолайт дегенде
Кайнына барчу немедей
Кашкая күлүп сүйүнүп.
Зың-зың этип кенебей,
Кара курттай кытайды
Бучкагына теңебей.
Эрдик менен шердикти
Бу кысталак балага
Берген экен ченебей,
Бала көкжал Күлчоро
Бастырып келип Сур аттын
Байкап оозун бурду эле,
Абакеси Семетей
Бата сурап турду эле.
«Күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн Семетей,
Абам мында турасың.
Аксакалдуу зор Бакай
Бабам мында турасың.
Канчоро менен Сары кан
Мүлкүм мунда турасың.
Аргын кыргыз ой тартып,
Журтум мында турасың.
Алакан жайып батаң бер,
Көкжал абам кайран шер!
Дубаңды берсең алайын,
Кайнап жаткан көп кытай
Кагышына барайын.
Абакемин Буурулун
Алты ай тынбай салышып,
Ажыратып калайын.
Казам жетсе өлөйүн.
Атакем, шерлер колдосо,
Кармалашып көрөйүн.
Чынмачынга каканга
Чыдап алты ай салышып,
Бир айдайын алты айга
Талкалашып топ бузуп,
Дагдыр жетсе окко учуп,
Көк ала сакал Манжуунун
Эр экенин билейин.
Кызыталак Манжууну
Быйыл Бээжинге чейин сүрөйүн.
Сурак бербес Манжууга
Суук укуруk салайын.
Атам Алмамбеттен калган алтын так,
Айланасы чынар бак,
Солон, манжуу көп уруу
Элимди тартып алайын.

www.bizdin.kg



Эгем таала жол берсе,
Көкала сакал Манжууну
Курмандыкка чалайын.
Өлтүрүп журтун кырайын,
Өкүлдөгөн манжуну
Өз атын олжо кылайын.
Урушту мыктап салайын,
Олжого кеткен Буурулду
Кытайдан тартып калайын,
Кыжылдаган капырга
Ал кытайдын баштыгы
Кан Коңурбай капырга,
Таш сайынган тазага,
Күрмө кийген күчтүүгө,
Шуру отогот, маржан таш
Далайы менен согушуп,
Курман болсун биздин баш,
Күрдөлүү бу жан барында
Күлүктү кантип берели!
Көк ала сакал манжууга
Күрөш кылып көрөлү.
Күрөш кыла барбасак,
Күчөп келген манжууга
Күлүктү тартып албасак
Туулбай туна чөгөлү,
Алмамбет уулу дедиртпей
Көр азабын көрөлү,
Артыман сан кол жүрүп ал,
Аралашса манжууга
Алтымыш күндө күйүп ал,
Алтымыш күндө келбесем
Арман айтып кеп койгун,
Күлгүнүндө күбүлүп,
Күлчоро өлдү деп койгун!»
Деп, ошентип Күлчоро
Топтон чыгып бөлүнүп,
Зорлугу тоодой көрүнүп,
Булуттай учкан сур аттын
Тартып оозун бурду эле,
Шай колдогон эр чоро
Күндөй бети тастайып,
Күлүмсүрөп кашкайып,
Жайнап кызыл чок болуп,
Бата сурап токтолуп.
Кагышка жеке баруута,
Кармашары илек эл
Ардай болгон Буурулду
Ажыратып калууга,
Кара курттай кытайга
Казатты мыктап кылууга
Бата сурап бадирек
Шай колдогон Күлчоро
Кашкайып күлүп турду эле.
Капаланып Бакай кан,
Кайгыланып Семетей
Көңүлдөрү бөлүнүп,
Көп курсагы ачышып,
Күлчоро кандай болор деп,
Көкжал Бакай абаңдын,
Эр Семетей агаңдын
Көңүлдөрү бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Боз адырмак кырк күн чөл
Адам ашчу бел эмес,
Алөөкөнүн Коңурбай
Көк ала сакал эр манжуу
Жекеге чыкчу эр эмес.
Олжо кылды Коңурбай
Жанга өлчөлүү Буурулду.
Кечилдин каны көкжалга
Кездешип согуш салайын,
Кечилдин каны Манжууну
Бээжинге сүрүп барайын.
Айкөлүм Бакай, эр абам,
Батаңды берсең алайын,
Ок өтпөс тонду киейин,
Кара курттай калдайды
Каканга чейин тиейин».

www.bizdin.kg



Деп, ошентип, Күлчоро
Ок жетпеген Сур аттын
Тартып оозун бурду эле,
Жекеме жеке чыгууга,
Кез келчү болсо Коңурбай
Керишип жерге тыгууга,
Жаза тартса өлүүгө,
Чымын жанды берүүгө,
Чын кыргынды салууга.
Эр канкордун Буурулун
Балаң ажыратып алууга,
Жылоо салган карыя
Жылмаңдаган Сур атты
Жылуу ооздуктан төтөлөп,
Онжоңдогон карандын
Он эки балбан жетелеп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Бата сурап турганда
Алмамбет уулу Күлчоро
Көк аскар тоодой көрүнүп.
Колундагы сырнайза
Касабасы калкылдап,
Миң кубултуп жаркылдап.
Болот куюп, курч тартып,
Болумдуусун чыгарган.
Түрткөн жерге кирсин деп,
Душманга учу жетсин деп,
Тийген жери тим калбай
Кабылдап шишип кетсин деп.
Кабылдап шишип кетсин – деп
Кайра тартпас жайына
Кайра тартпай жетсин деп,
Жоого сунса кызарып,
Адамдын көз жашы менен сугарып,
Сабын токсон толгогон,
Төкөр уста Бөлөкбай
Күндүз тынып тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Төкөр уста ондогон.
Бил терисин каптатып,
Тутам жерин кырдаган.
Колдон тайып кетпеске
Тутам жерин сырдаган.
Жоого сунса кызарган,
Шилтегенде узарган.
Өзүнөн өзү узарган,
Өлчөп кылган сыр айза
Сабы жезден чатылган.
Ажалдуу менде катылган,
Түпөгүн кылдан тактырган,
Жоого ылайык бактырган.
Чымын консо каңк эткен,
Камчы тийсе караның
Жер жарылып заңк эткен.
Кыйын мүлктөн сыр айза
Ал колунда жаркылдап.
Ок өтпөгөн бадана
Жоо бөрүсү көкжалдын
Бой-борумун караба.
Ок өтпөс тон кийинип,
Ок жетпес тулпар минилип,
Көздү көргөн курбалдаш
Көкжал кандай болор деп,
Быягынан күйүнүп.
Келин ыйлап чыркырап,
Кемпир ыйлап буркурап,
Кейип журту турду эле.
Мына ошондо Семетей
Караргандан түнөрүп,
Кайрат берип балага
Батасын берип турду эле.
«Жанга өлчөлүү Буурулду
Жанагы Калча алганда
Менин заманам жаман куурулду,
Жанга өлчөлүү жалгыз ат,
Менин караным чором баратат,
Жараткан, бир өзүңө аманат!
Чындашарың Коңурбай

www.bizdin.kg



Чымчышчу эли көп манжуу,
Бөлгөнү кетип баратат.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны доңуздан
Алдейлеген Күлчоро
Бала өлгөнү кетип баратат.
Ар Буурулдан айрылып,
Аттын күчүн берем деп,
Берениң Семетей калды талаада.
Медер кылып отурам
Бир Күлчоро балага!»
Деп, ошентип, Семетей
Алакан жайып ал ыйлап,
Ар жагынан арысланы
Бакай кары дагы ыйлап.
Аргын, кыргыз аралаш
Алакан жайып буркурап.
Кол көтөрүп баарысы,
Сары кан, Бакай карысы
Батасын берип чуркурап.
Атасы Манас көкжалдан
Артыла тууган чоң канкор
Жети жылы туу калган
Камбар ата ак боз бээ
Кулагы менен көкүлүн
Кошо кармай калганы,
Жыкпай туруп ал бээни
Төрөң коборуп туруп чалганы,
Жыкпай туруп зор бээнин
Башын кесип салганы.
Бала, Буурулдан башка буудан жок,
Күлчоро, өзүңдөн башка тууган жок!
Эңкейип калсам кокустан
Тууганым эмес, жээним жок,
Күлчоро аман болсо деп,
Ошо жактан көөнүм ток!»
Ич өрттөнүп, боору чок,
Капаланат канкоруң
Мына ошондон башка кеби жок.
Асмандан ар түрлүү булут бүркөлүп,
Башына ар түрлүү мүшкүл бир келип,
Балаң жекеге сурап баруута,
Алөөкөнүн Коңурбай
Беттешип уруш салууга.
Аргын менен кыргыздын
Убалы-сообу болобу,
Баатырың милдетин барып алууга
Каптап келген Коңурбай
Калдайдын уулу капырдын,
Кан Коңурбай баатырдын
Астына каршы баруута,
Аябай чатак салууга.
Жапа келсе буйрукту
Көргөнү кетип баратат.
Каран да жок, жолдош жок
Жалгыз барып кытайга
Өлгөнү кетип баратат».
Деп, ошентип, Семетей
Каарланып иш күчөп,
Өзүнүн каңырыгы бек түтөп.
Берениң көкжал атанып,
Ителгидей кайран көз
Ирмебей көзгө жаш алып,
Каарланып кол курап,
Каңырыгы бек түтөп,
Жашып кетти коңгурап.
Кейип көкжал турганда
Кашкайып күлүп шер чороң,
Атасы Алмаң көкжалдан
Артыла тууган эр чороң:
«Абаке, раазы болбойм мунуңа,
Кейий бербе, сен аба!
Өзүң баккан кулуңа.
Өлүп калган чагымда
Кой териси кул элем,
Өлбөй тирүү жүргөндө
Өзүңө кызмат кылуучу
Алмамбет кандын уулу элем.

www.bizdin.kg



Белинди бекем буушкан,
Берениm, сенин өзүң менен туушкан,
А дүйнө кеткен Манастын
Ак белинен сызышып,
Кайран энем Каныкей
Жатынын жара тээп чыгышкан,
Качан, Манас уулу элем?!
Жазайыл түшсө дүмөктү
Көргөнү кетип баратам.
Аркы атаң Калча душмандан
Жалгыз кирип кагышып,
Кан аба, мен өлгөнү кетип баратам.
Айза шилтеп, топ бузам,
Атышка кирип окко учам.
Чалынган кайра чыкпаган,
Темир аркан кытайдын
Торуна кетип баратам.
Топон суу жетпес кытайдын
Колуна кетип баратам.
Касташып жүргөн баатырдын
Огуна кетип баратам.
Эч ким тийбес кытайдын
Абаке мен тобуна кетип баратам.
Колуңду айдап жүрүп ал,
Ал-абалым кан аба,
Алты күндө күйүп ал!
Алты күндө келбесем,
Алөөкө уулу Калчанын
Жообун айтып бербесем –
Асыл башым өлгөнү,
Кайра келбес чын жайды
Кайран башым көргөнү.
Өткөрө жанга күч келип,
Өпкө жарчу душманга
Аянып туруп нетейин.
Абам шер, сенин алдыңа
Курган жан, курман болуп кетейин!
Өлбөй аман мен жүрүп,
Не муразга жетейин.
Бергин аба, колуң деп,
Үзүп ийип бүчүсүн
Сакалынын алдынан,
Кокосунун үстүнөн
Коркурата кор жыттап,
Кош, абаке, деп жыттап.
Ок өтпөгөн ат минип
Онжоңдогон сур аттын
Кыл куйругун чарт түйүп
Бүткөн бойдун баарысын
Ок өтпөс менен таңуулап,
Онжоңдогон сур атты
Абай* менен жабуулап.
Суркоен жайы ушундай* –
Кетмен туяк, кез соору,
Кенен жердин бууданы.
Керишке минсе кебелбес,
Артык тулпар бу дагы,
Жото жилик жонгондой,
Жолуң каткан карандын
Үч кошконго бир киши
Кең-кесири конгондой.
Кериш жолу болгудай
Сопол куйрук, сом туяк,
Бир саны бугу белиндей,
Басканы сырттын желиндей.
Эки чаттын кеңдиги
Табылгылуу колоттой
Маңдайында кашка тиш
Уста соккон болоттой,
Кара байыр казанат*,
Калбыр өпкө, жез билек,
Жайкысын кенен жайлаган
Жүгөрүдөн жем берип,
Кагышка балдар минсин деп,
Кажыбай жоого тийсин деп,
Кайран энең Каныкей
Колу менен байлаган.
Семиргени сүмбөдөй,

www.bizdin.kg



Секиргени бүргөдөй.
Айгай укса шашпаган,
Ай караңгы жол жүрсө
Бир изин ката баспаган.
Чуу укканда бөлүнгөн,
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан сөгүлгөн.
Куландай кулак жапырган,
Чуркаганда бул Сур ат
Куюндай жерди сапырган.
Кагышка минсе жаныбар
Булуттай учуп дыркырайт,
Сур ат минип Күлчоро
Көк күбөнү жамынган,
Көк жолборстой чамынган.
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Терең казган оруна,
Коңурбайдын колуна*
Жекеге чыкты Күлчоро
Эки жакты каранып,
Ач арыслaндай жаланып,
Алмамбеттин берени,
Аргын менен кыргыздын
Маңдайында баргеги,
Жеке белин курчанган,
Жеткилеңи момундай
Жетимиш илек жоо келсе,
Жеке кирип кол салган,
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча.
Жекеге чыкты ээлигип,
Кыраандыгы ушундай.
Кыраан балбан Күлчоро
Боконо сөөгү болкоюп,
Болуп калган кезеги.
Катылган жерди буй кылып,
Толуп калган кезеги.
Урунаарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай,
Чайнаарына таш таппай,
Кесээрине баш таппай,
Келишимдүү Күлчоро
Кең жаралган дүйнөгө,
Ачуусуна тийгенде
Ак болотту майлаган,
Алышкан жерди жайлаган.
Жолу каткан чоронун
Жолуккан өлбөй калбаган,
Чоронун түрү момундай
Ак марал кууп уй кылган,
Атасынан бабасы
Алышкан жерди буй кылган.
Көк марал кууп уй кылган,
Көрүнгөн жерди буй кылган.
Сайышып душман келбеген
Саат баскан баланы
Салмакташкан жеңбеген.
Он эки жандан бата алып,
Ордодон чыкты аттанып.
Касаба колдо калкылдап,
Кармашары Коңурбай
Караскар тоодой жаркылдап.
Артык болот айбалта
А колунда жаркылдап.
Чуу баштачу сыр айза
Ал такымда балкылдап.
Мурунку өткөн Алмамдан,
Ааламды кырган адамдан,
Атасы Алмаң балбандан
Мурага калган сыр бараң.
Ай далыда жаркылдап,
Болоттон кылган чоюнбаш
Болжалу жок чунактын
Борумун керсең оолак кач.
Ажалына байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,

www.bizdin.kg



Алмамбеттин Жойкума
Кынсыз кылыч салынып,
Жоо жагына камынып.
Билеги жоон, таш жүрөк
Күлчоро жайы ушундай
Бил мүчөлүү бадирек.
Узун бойлуу, кең далы
Ары балбан, ары шер
Артык тууган кайран эр.
Күмүш кисе курчанып,
Күлүмсүрөп чунактын
Күндөй бетин нур чалып.
Чылк алтындан боз кисе –
Бу белинде көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп
Ордодон чыкты бөлүнүп.
Көргөн аргын, кыргыздар
Көкжалды Кудай сакта деп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Карыя ыйлап, калк ыйлап,
Калың кыргыз жалпы ыйлап,
Ыйлаган журттун баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Караан да эле, бел да эле,
Калың кыргыз көп журтту
Кайтарып турган шер да эле.
Жан жаратып адамдан,
Күлчоро өңдүү баланы
Жаратып бербейт деги эле.
Журт чуркурап, чуу туруп,
Доолбасты бек уруп,
Ордодон чыкты оолугуп.
Сыр найзаны көтөрүп,
Коңурбай көздөй бет алып,
Астындагы чоң сур ат
Оозун жайса жаныбар
Учкан куш менен жарышып.
Күдөрүдөн ак тизгин
Эки колдо карышып,
Опсуз күлүк карандын
Оозу менен алышып.
Омбул-домбул түйүлтүп,
Онжоңдогон каранды
Оңко аткандай сүйүнтүп.
Маңкаңдатып бастырып.
Дөңкөңдөтүп желдирип.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскадай көрүнүп.
Коңурбай көздөй бет алып,
Кара чаар кабылан
Кара жолтой чоронун
Капталында чамынган.
Чолок көкжал арыслан
Оозун ачып баланын
Асты менен чамынып,
Алышаары Коңурбай
Беренин чыкты камынып.
Ачууланып көз жайнап,
Арыслandай бачагар
Кан ичмеси бек кармап,
Жүргөн жерден чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Күлчоро жайы момундай,
Карылуу балбан күч чыгып,
Эки беттин ортосу
Беш байпактык түк чыгып,
Күлчоро жайы ушундай.
Баатырлыгы бир башка,
Бу бадирек чоронун
Ааламды бузган көйкашка,
Жоого жалгыз кирүүчү
Күлчоронун адаты.
Көкжал Семетейиндин
Айланып учар канаты.
Толукшуган эр чороң
Тоорушары Коңурбай.
Тоодой бойду топчулап,
Толукшуган кайран бет

www.bizdin.kg



Көк темир менен үпчүлөп,
Толукшуп жоого кол салса
Бир тонунда тешик жок,
Кара жолтой чунакка
Катылган жоодо кешик жок,
Каарланып келгенде
Кара жолтой эр чоро
Капчалды бузуп жол салат,
Жеке Коңурбай эмес,
Ай-ааламга кол салат,
Жерге батпас кайран шер –
Жеткилең тууган кайран эр.
Чындашканы Эзкара
Чыңалуу кызыл темирдей,
Кадиктүү жоосу Коңурбай
Зорлугу тоонун теңиндей,
Түнөргөнү көп кытай
Түз кирип айза сунууга,
Түйшүк тарткан Буурулду
Ажыратып алууга,
Кармашары каканчы.
Качырып кыргын салууга,
Кармоого түшкөн Буурулду
Ажыратып алууга
Аркыратып Күлчоро
Тулпарды салып оң жолго,
Турбай айза көтөрүп,
Кериш десе сүйүнгөн
Кенебеген куу чунак
Катылмак болду сан колго.
Мунарык түшкөн урчукка,
Тоо жоголгон тумшукка
Айры белес Акызга
Ат-Баспастын жапызга
Анын ар жак жагында
Жаңырык-Тоонун Жар-Кыя
Жалгыз аттын чубама
Салып жетип Күлчоро,
Ээр белдей мойнокко
Эрениң чыгып барды эле
Суудай болгон Сур аттын
Тартып оозун бурду эле,
Кайнап аткан түнөрүп,
Карап көзүн салды эле,
Түнөрүктү караса,
Калк аманын кааласа,
Ай касаба туу түшүп,
Асман жарган чуу түшүп,
Жер быжырап силкинип,
Жеткилең түмөн кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Балбаны башка бөлүнүп,
Баатырларын, шерлери
Көк аска тоодой көрүнүп.
Атка оюнчу, күлүгү
Картайганда манжуунун
Ашкан экен бүлүгү.
Балбандары башкача,
Ээ кутуруп кеткен чочконун
Баатырлары бир канча.
Түп-Бээжиндин жеринен,
Түк таштабай алп-дөөсүн
Алган экен элинен.
Каарланып жайланган,
Балбандары бир бөлөк,
Тоодой чокмор байланган.
Балбанынын боруму
Адамдан бөлөк түрү бар,
Түгөнгүндүн сонуну –
Жаткан иттей каштары,
Жан казандай баштары,
Эки көздүн кычыгы –
Ачылып калган ороодой,
Мурунун чоңдугу –
Көк сеңирлүү бородой.
Кынжылалуу балбаны
Балбандын бирөө бошосо,
Катылышчу кишинин

www.bizdin.kg



Чыга турган далдалы.
Былкылдаган балбаны,
Албан түрлүү дөөлөрү,
Ал дөөлөрдүн ичинде
Ат көтөргүс жөөлөрү.
Жаңжал жакка шайланган,
Үтүрөйүп баарысы
Жалаң кылыч байланган.
Күрмө кийген ыктуусу,
Күрөшкө камбыл мыктуусу,
Айзага камбыл эрени,
Акылы толук берени,
Чоюн кулак алпы бар,
Өрттөнүп кеткен кытайдын
Албан түрлүү калкы бар.
Катылыша кеткендин
Канын ичмей салты бар.
Керишке балбан Коңурбай
Келишимдүү кол алып,
Аз гана эмес мол алып,
Көк темирдей куралып.
Керигине, билине
Жай-жарагын жүктөтүп,
Асманга учуп топурак,
Аскер кайнап топурап.
Айзанын башы кагышып,
Адамдын башы чабышып.
Жер тумандап күркүрөп,
Көрүп турган бенденин
Дене бою дүркүрөп.
Дүркүрөгөн себеби –
Албан түрлүү калкы бар.
Жеринен бери куралып,
Камынган экен каркыбар.
Кармалаша кеткенди
Ар качандан бир качан
Канын ичмей салты бар.
Чалма урууччу ыктуулар,
Жөө күлүктөн мыктуу бар.
Колу канжар эрендер,
Каптап уруш салуучу,
Кагыштан качпас берендер
Толгон экен куралып,
Кол ичинде Коңурбай –
Абаңдын түрү момундай.
Сыягы бөлөк, заары күч.
Кармаш кылсаң кан менен
Өлдүм деп жандан күдөр үз.
Көкжал тууган эр Калча
Көхардан топчу муштумдай,
Көкжал тууган Калчаны
Көрсөң түрү ушундай.
Алтындан чылбыр булкунтуп,
Алгараны жулкунтуп.
Чоң өтүгү чойкоюп,
Короздой мойну койкоюп,
Алтын айлуу сыр канжа
Абаңдын түрү момундай.
Көк аскар тоодой эр Калча
Адам, көз айнеги балкылдап,
Көкөр сындуу маржан таш
Төбөсүндө жаркылдап.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Үйдөй өргөн кара чач
Ай далыда көрүнүп.
Кебез белбоо, кең өтүк
Ата, кечилдин каны кургурум
Каарланып жайланып,
Кыны жок кылыч байланып,
Уңгусу болот айбалта
Бул атактуу көкжал эр Калча,
Берендиги, шердиги,
Кургурдун адамдан бөлөк эрдиги.
Өзү билеги жоон, таш жүрөк
Карыса да Коңурбай
Бил мүчөлүү бадирек.
Комокойлуу сыр айза
Коржойтуп өөдө аштаган,

www.bizdin.kg



Койгулашса душманга
Коркуп колтук ачпаган.
Колуна кокус тийгенди
Коендой жерге жанчтаган,
Айзакерден Калчанын
Ыктуулугу дагы бар.
Жоонун айласын билген бек даана
Мыктуулугу дагы бар.
Астындагы Алгара ат –
Өзү кара, көзү сур,
Анык тулпар мына бул.
Балтыры бука белиндей,
Басыгы өзөн желиндей,
Сом туягы чарадай,
Жаратылган чокусу
Алты жашар баладай,
Соорусунун кеңдиги
Кой күздөткөн талаадай.
Чаткаягы колоттой,
Маңдай тиши болоттой,
Эр Калчанын кара аты,
Кара атынын бар экен
Капталында канаты.
Темир туяк, жез билек
Тердебеген сыйпалгыр,
Айгай укса шашпаган,
Ай караңгы түн болсо,
Азаптуу мүшкүл күн болсо,
Бир изин ката баспаган.
Чуу укканда бөлүнгөн,
Чуулгандуу кысталак
Тулпардык сыны көрүнгөн.
Туяк тийсе кара жер
Туш-тушунан бөлүнгөн.
Боору жазык, сырты күч
Болжолу жок чоң кара ат.
Үстүндөгү Коңурбай
Ээлендирип булкунтуп,
Ээн калган каранды
Эр өлгөндөй жулкунтуп.
Үйдөй чокмор* колго алып,
Кынсыз кылыч булгалап,
Алтын найлуу сыр канжа
Тутангырды сураба.
Дүңгүрчөктө тамеки
Жети чеңгел салды эле,
Жеткилең эрдин канжасы
Жети эли бөксө калды эле.
Кытай оттук боор таш
Кырып ийип от коюп,
Коңурбай жайы момундай –
Канжасына чок коюп.
Коркурата сорду эле,
Кутургурду көрдүңбү
Кумары канып болду эле.
Сорсо канжа коркурап,
Ооздон чыккан түтүнү
Кол ыштыктай буркурап.
Алтымыш кытай, сан калдай
Ал Калчанын жөкөрү,
Оозунан чыккан түтүнгө
Адашып турду чуркурап.
Шуру отогот, маржан таш
Коңурбайдын жанында
Кадиктүү кандар аралаш,
Коңурбай жайы момундай.
Көк күбөнү жамынып,
Көрчү болсоң ал абаң
Көк жолборстой чамынып,
Кериш жакка аттанып,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүн жыйып ал абаң
Күрсүлдөп турат мактанып.
Ошондо Калча муну айтат
Ойлосоң мүшкүл шумду айтат:
Калча Калча болгону,
Коңурбай атка конгону,
Мен Алгараны мингени,

www.bizdin.kg



Мен көк күбө тонду кийгени
Билгин кытай мунумду,
Менин ааламга салган шумумду.
Ак марал айдап уй кылдым,
Мен алышкан жерди буй кылдым.
Көк марал айдап уй кылдым,
Мен көрүнгөн жерди буй кылдым.
Мен ааламга алыш баштадым,
Бул атактуу Манас зор көкжал
Кыйыгыма тийгенде
Канкорду кайсап таштадым.
Эми Каканга кайра тарталы,
Бул онжоңдогон Буурулду
Олжолоп алып кайталы.
Бу Семетейдин Буурулу
Алтын, күмүш артууга,
Каканчынын канына,
Чоң канынын алдына
Алып барып тартууга.
Бекер куйрук, жал эмес,
Адамга келчү мал эмес.
Беремжини байланып,
Беш-Бээжинди айланып,
Берендер минчү мал эмес.
Каран калган Буурулду
Карапжыны салынып,
Калдай минчү мал экен.
Туура каран калгырдын
Тулпардыгы бар экен.
Балбандарым, шерлерим,
Барың уккун эрлерим!
Төгөрөктүн төрт бурчун
Өзүм чалган жол ушул,
Ал эмес, атасы Манас көкжалды
Алты алдаган мен ушул.
Кечээ Кап-Тоону буздум жер кылдым
Маңгүбе журтту эл кылдым.
Сазаң-шаң журтун жайладым,
Кабарында бар бекен,
Кечээ Мамытбек менен адыган
Эки дөөнү кармадым.
Аржагы Дыңша чоң калаа
Эби менен жер кылдым,
Ошол эки дөө кармап эл кылдым.
Эстесең Бээжин мунум бар,
Береги Манастын уулу куу чунак
Анын телегейи тең экен,
Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең экен.
Бул атасы көкжал Манастан
Артылта тууган эр экен.
Каканга каалап туулса,
Чиркинди кан көтөрчү неме экен.
Жана Алмамбет уулу Күлчоро
Жайнаган кызыл чок экен,
Жаанамда жок экен.
Мунун себилдүүсү сексен төрт,
Мунун серп алган жагы кызыл өрт.
Мунун оң далысы кең экен,
Бул ойротту бузчу шер экен.
Бул Бээжин деп бизге кайрылса,
Алтындан таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Кан көтөрчү неме экен.
Бул кызыталак баланын
Бурутта жүрү бөөдө экен.
Бул атасы көкжал Алмаңдын
Алда нече өөдө экен.
Бул болот кылыч кабы экен,
Бул болжолу жок Күлчоро
Ааламды кырар чагы экен.
Астында Сурат малы бар,
Кытай гана түгүл кылымды
Кыргын салар чагы бар.
Бул жаралган экен абыдан
Мунун көзү кара, өзү тик
Бул көмүлгөн чоронун
Көп адамдан сөзү тик.

www.bizdin.kg



Бурутка келип туулган,
Өлбөсөң көрүп аларсың
Бул ааламга салат чуулган.
Баланын телегейи тең экен,
Шай колдогон шер экен.
Бул бурутка орногон
Калабалуу коргон чеп экен.
Кайгынын баарын жойгула,
Эми сенин касташчу жооң Күлчоро,
Атаңдын көрү, кытай журт,
Эми кароолду мыктап койгула.
Ошол кутургур келип калбасын,
Ушул кужулдаган кытай журт
Кыргынды кызык салбасын.
Анын жайы момундай,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Дүмөктүнүн тукуму.
Өлгөн сайын өрчүгөн
Өртөнгүрдөн тукуму.
Анын атасы Алмам эр көкжал
Ада кандын уулу эле,
Мен да кандын уулу элем.
Алөөкө кан, Азыз кан
Ушул экөө бир тууган,
Түп атабыз Чылаба,
Дүмөктүн жайын сураба,
Билесиңби балбандар,
Өзөктөн күйгөн өрт жаман.
Өзүңдөн чыккан жоо жаман,
Өрттөнгөн чоро бул жаман.
Эми, калдайларым, эрлерим,
Эми, кароолду мыктап салгыла!
Эми, темир аркан торчонум,
Менин тегиз канжарколчонум
Атышты арбын салгыла,
Колуңа тийсе Күлчоро
Аман кармап алгыла.
Ак болоттун тукулу,
Кабарыңда бар бекен
Каныңардын тукумун.
Деп, ошентип, Коңурбай
Алтын түркүк чатырың,
Эр Коңурбай баатырың
Айтып салып мындай деп.
Кысырдын семиз тайын жеп,
Эр Коңурбай зор Калча
Мунун сөлөкөтү бир канча,
Кытай ээрди жазданып,
Күн чыгышты баштанып,
Алп уйкуну салды эле.
Коңуругу таш жарып,
Коңурбай жатып калды эле.
Жатып калган былк этпей
Коңурбайдын конугу,
Эми айтып берели
Күлчоронун жомогун.
Ошондо шай колдогон Күлчоро
Телегейи тең эле.
Атасы Алмаң карандын
Артылта тууган эр эле.
Жекенди белге курчанган,
Атасынан баласы
Жети милек жоо келсе,
Жеке кирип кол салган.
Эки жакты каранып,
Эрди, мурдун жаланып,
Эки көзү өрт болуп,
Ичи кайнап чок болуп
Мына ошондо Күлчоро
Жер жайнаган сан колго
Тирүү болсом, жетсем деп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдаша кетсем деп.
Бурулбай бузук салсам деп,
Бу кытайдын колунан
Буурулду тартып алсам деп.
Айза кармап, топ бузуп,
Дагдыр жетсе окко учуп,

www.bizdin.kg



Түгөнүшө кетсем деп,
Түгөттүн Буурул атына
Тирүү болсом жетсем деп,
Кыдырата карабай,
Кыжылдаган кытайдан
Балаң кылча жанды аябай.
Өөдө-төмөн карабай,
Өткөрө кыраан кургуруң
Өлчөмдөн жанын аябай.
Тоо жоголгон урчуктан,
Адыр-күдүр тумшуктан
Кабылан тууган кургуруң.
Астындагы Суркоен
Чалгын чалса чарчабас,
Оорукка минсе оорунбас.
Күлчоронун Суркоен
Кулaндай кулак жапырган,
Кургуруңдун Кула аты
Куюндай жерди сапырган.
Темир туяк, жез билек
Тердебеген жарыктык.
Жедигердин Толтойдон
Жеп салып алган чоң Сур ат
Семиргени сүмбөдөй,
Серпишке минер жаныбар
Секиргени бүргөдөй.
Онжоңдогон карандын
Тартып оозун бурду эле
Астындагы сан колго
Аң-таң калып турду эле.
Быяк чети көп колдун
Чарындын койгон боюнда,
Орто жери көп колдун
Каркыранын оюнда.
Аржак жагы сан колдун
Айгыр-Жалдын оюнда,
Кутпа жагы көп колдун
Үкүрчүнүн боюнда.
Асман ачык, жер бүркөө
Алеңгир жаа, сыр жебе
Айтканга дүмөк аңгеме.
Аң-таң калып Күлчоро
Абайлап карап турду эле,
Асмандан жылдыз дирилдеп,
Кыбыла көздөй бириндеп,
Төбөдөн жылдыз быркырап,
Кыбыла көздөп чуркурап.
Таң жарылып бүлтөйүп,
Кашкайып таң сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Таң атардын муздак жели зыркырап,
Камыштын башы дыркырап,
Талаадан балапан торгой чуркурап.
Таң сөгүлүп ачылып,
Жерге жарык чачылып.
Тал-талдын башы ийилип,
Кумунун үстү чийилип.
Караңгы шоола бөлүнүп,
Оройгондон соройгон
Тоо таштын жүзү көрүнүп.
Ошондо чороң караса,
Дүмүрөйгөн караанча.
Токой десе, эл экен,
Жалтылдаган мунарык
Жылдыз десе, от экен.
Туура тартып дүмпүйгөн
Караанбы десе, эл экен,
Калың кытай кол экен.
Казылуу жаткан калың ор,
Кайнаган экен биздин шор.
Же белге таңуу бегим жок,
Бек жаңжал салып урушса
Белгилүү абам шерим жок,
Кытай милек, мен жалгыз
Кырылышып көрөйүн,
Казам жетсе өлөйүн.
Кармашты катуу салайын,
Ажал жетип, күн бүтсө,

www.bizdin.kg



Жашымдан өлүп алайын.
Күрдөлүү башым барында
Күлүгүм кантип берейин,
Жазайыл тартып, жаа атып,
Күрсүлдөшүп көрөйүн.
Тири болсо жыйганым,
Өлүп калсам ыйманым».
Деп, ошентип, Күлчоро
Кайраттанып көз жайнап,
Кан ичмеси бек кайнап,
Күмүш кемер курчанып,
Күндөй бети нур чалып,
Алтын кемер курчанып
Айдай бети нур чалып,
Жай-жарагын шайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Алтын жаак айбалта
Уңгусу болот, мизи курч
Мизине, тарткан кара курч.
Башы чокмор чоктолуу
Бир айбалтанын баасы
Жетимиш нарга токтолуу,
Мизи карыш баржайган,
Шилтеген жерден кан жайган.
Ал колунда салынуу,
Бүлдүргөсү карандын
Билегинде чалынуу.
Алмамбеттин Жойкума
Бу кынында салынуу.
Жоону беттеп кирсин деп,
Беттешкенди сүрсүн деп,
Кызыкккан жоого катылса,
Кыраандар кындан алсын деп
Кызыл канга боентуп,
Кыргынды кызык салсын деп.
Кыя тартып шилтесе,
Кубанчысы кансын деп.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Болоттук курчу көрүнгөн,
Шилтеген эки бөлүнгөн.
Ирмеген жерден чаң чыккан,
Кезиккен жерден кан чыккан.
Кындан суурул алганда
Көк-жашыл болуп кызарган,
Кыйкырык салып шилтесе
Кырк кулач болуп узарган.
Таштан кайра тартпаган,
Ар шилтештен кайтпаган.
Кыйкырып кындан чыгарса,
Кан ичпей куру жүрбөгөн.
Канга мыктап тойбосо,
Катса кынга кирбеген,
Жойкума жайы мына бул,
Жоону көздөй белендеп,
Жолборстун жайы мына бул
Кечээ көбүрөөк ыйлап, зар ыйлап,
Берен энең Каныкей
Кайра байлап капшырып
Атаңдан калган буюм деп,
Билбесек бул иш кыйын деп,
Белекке берген эмеспи.
Айдалыда асылуу
Атасы кандын сыр бараң,
Оозун мыктап өгөгөн,
Төкөр уста Бөлөкбай
Баш-аягын теңеген.
Кароолун алтын салдырган,
Атса адамдын мээрин кандырган.
Милте орнотуп, чок койгон,
Кой башындай ок койгон.
Сунган жерден ал кеткен,
Түтүндөн мурун жан кеткен.
Арта болот Алмабаш
Алтымыш күнгө бузулбас,
Ыраак-жуук ылгабас.
Сундурса куба кандырган,
Ат башындай алтындан

www.bizdin.kg



Арт жагына салдырган.
Ичин сайлап толгогон,
Төкөр уста Бөлөкбай
Алыс жерге болжогон.
Буттап алтын зер алып,
Бөлөкбай байкуш оңдогон.
Асынганда сыр бараң –
Ай далынын айнеги,
Айкашкан жоого бир атса,
Аманат жандын эрмеги.
Ойноп атса Очогор,
Чындап атса жоо бузар.
Алакең кандын сыр бараң
Ай далыда илилүү.
Алмамбет уулу Күлчоро
Арысландыгы билилүү.
Ок жетпеген ат минип,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көкжалдын уулу чунагың
Көк аскар тоодой көрүнүп.
Адыр-күдүр бел менен,
Өзү билген жер менен
Чын асый тартпас кең жайдан,
Чымчык учпас кең сайдан
Чымындай жанды аябай,
Чымырылтып Сур атты
Чын Күлчоро берениң
Чымындай жанды аябай,
Чын Буурулга күйгөн эрениң
Баатырдын баскан жеринен
Будур-будур буюлуп,
Будурдан бугу куюлуп,
Будурдан бугу куюлса,
Ошол будурдун чөбү суюлуп.
Адыр-адыр буюлат,
Адырдан аркар куюлат.
Адырдан аркар куюлса,
Адырдын чөбү суюлат,
Алмасы чирип көң болуп,
Албан, түрлүү жер болуп
Жарыктык ар тараптан жел болуп.
Аркыратып Күлчоро,
Асты жагы кашатча
Аңырайган капчыгай,
Ошондо, арманын айтып бир далай,
Ээр белдей кайкаңга
Эсил чоро жетти эле.
Дөөдүр, Маңкуш балбаны
Эр чоронун алдынан
Эки дөө чыгып калды эле.
Ат оюнчу, Жөөкүлүк
Аябаган эр экен,
Белгилүү балбан Коңурбай
Жөөжелдетим дээр экен.
Жөөжелдет жайын сураба
Мунун атасы кытай доолусу,
Адамдын алы жетпеген
Өзү айбанга чалыш доңузу.
Мунун энеси инди жалабы
Бул Жөөжелдет капырдан
Кезиккен аман калабы?
Кара темир тон кийип,
Кара көк бедөө ат минип,
Жай-жарагын шайланып,
Үйдөй чокмор байланып,
Бул Бээжинден келген айланып.
Мунун аркы атасы чоң улук,
Алман салып Коң төрө
Тетиги Бээжинден келген тоорулуп.
Келе жатат күркүрөп,
Карап турган бендеси
Кара жандан түңүлүп.
Дене бою диркиреп,
Ошо кезде Жөөжелдет
Менин бу кайратым жетсин деп,
Бу түрүмдү көргөн жан
Жөн эле жүрөгү түшүп кетсин деп.

www.bizdin.kg



Чочубастан Жөөжелдет
Чокмор колго алды эле,
Жолум үйдөй кара таш
Жолуң кабыл келбегир
Чокмор менен салды эле.
Салса таштан от чыгып,
Чокморунан чок чыгып,
Жөөжелдет жайы ушундай,
Сыягы бөлөк заары күч.
Чын өрттөнгөн дөө экен,
Чынмачын, Бак-Бурчунга
Бул өрттөнгүр ээ экен.
Жүргөн жерден чаң чыгып,
Үтүрөйгөн карандын
Дабышынан жан чыгып.
Алдыңкы эрди калдайып,
Калдайчынын кабындай.
Бурулуп чыккан муруту
Чоң камчынын сабындай.
Бул эченге салган чуулган,
Жөөжелдет жайын сурасаң
Түккамандан туулган.
Каканчыга, Бээжинге
Эр экени билинген.
Бээжинден чыккан балбан деп,
Бээжиндин чоң канынын
Даңзасына чийилген.
Опол-Тоодой караанды,
Белди көрдү Күлчоро.
Кайран жанды кайсачу
Шерди көрдү Күлчоро.
Шерди көрүп токтобой,
Боконо сөөк болкулдап,
Бая бокту ичеги солкулдап,
Дөөлүгүн көрүп күйүнүп,
Чындаса бирди кылар деп,
Өзүң көргөн Күлчоро
Чымындай жандан түңүлүп.
«Кечээ кара чаар кабылан
Кан атам Манас арбагы,
Казыр көзүң салагөр!
Алтын айдар, чок белбоо
Асыл атам Алмамбет
Жалгызды көздөп калагөр.
Куу башка келди кыйын күч,
Кылымга болбойт мындай иш.
Тар бейил желдет жетеби,
Талкан болуп бул жаным
Чын эле бу дүйнөдөн кетеби?»
Деп, ошондой кеп ойлоп,
Шай колдогон эр чороң
Мунун шамдагайы болжолсуз,
Телегейи тең чороң
Атасынын сыр бараң
Ай далыдан алды эле,
Дары аралаш эт болот
Сыр бараңга салды эле.
Бат атаарын чойгулап,
Кучак болгон кундакты
Ак каңкынын кашына
Каңкылдатып койгулап,
Эрдик кылып чалкалап,
Кузгундай түшкөн дарыны
Куруп калган эр чороң
Бармак менен талкалап.
Бая кытай оттук, боор таш
Кырып ийип токтоду,
Ак милтени чоктоду.
Онжоңдогон Сур аттын
Тартып оозун бурду эле,
Ары балбан, ары шер
Адамдан чыкпайт мундай эр,
Окчо кармап эр чороң
Сыр бараңды сунду эле,
Карапчы тондун бети деп,
Өпкөнүн өз чети деп,
Так эле колко жүрөк тушу деп,
Кордобосо жараткан

www.bizdin.kg



Так эле козголор жери ушу деп,
Бек шамдагай Күлчоро
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча
Сыр бараң менен урду эле.
Сыр бараң огу жеткенде
Мына ошондо Жөөжелдет
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден көчүк кылтайып,
Көзү кетти алактап,
Буту кетти салактап.
Ок тийген жер быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Көк бедөө оозун буралбай,
Оолжуп Желдет туралбай.
Желдет минтип турганда,
Уңгусу болот, учу курч
Учу болот сыр найза
Түпөгү кыл, сабы жез
Сур аттын оозун бурду эле,
Бул кулду Кудай бергин деп,
Күрдөлүү болот сыр айза
Күркүрөтө сунду эле.
Карыпчы тондун бети деп,
Кабырганын чети деп,
Жетип муштап өттү эле.
Опол-Тоодой калдактап,
Бедөө атынын үстүнөн
Кулап түштү дардактап.
Асынганы Жойкума,
Кармай калып сабынан,
Кылычты сууруп кабынан
Желдеттин башын алды эле,
Бир кароолун Күлчоро
Тындым кылып салды эле.
Жөөжелдетин сойгуча,
Тындым кылып койгуча
Боз ала желек туу болуп,
Бой-бойлогон чуу болуп,
Жер тумандап козголуп,
Азгана эмес мол болуп,
Каптап кытай козголуп,
Барабан үнү бапылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Жазайыл тартып, жаа атып,
Жабылды кытай балага.
Кагышты көр, селди көр,
Каптаган кытай элди көр,
Казылган калың орду көр,
Каптап кеткен колду көр,
Мына ошондо Күлчоро
Атасы Алмаң көкжалдан
Артыла тууган кырааның
Жекейнени курчанып,
Жеке аралап кол салып,
Каарланып бакырып,
Каным Манастап ураан чакырып.
Манжуулар менен басташып,
Күдүрчөнү жөлөнүп,
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Кыйла согуш кылды эле.
Кыргын тийген немедей
Кырылышып турду эле,
Ким көргөн мындай жумушту,
Өткөн иштин жайынан
Буурул аттын айынан
Жети күн тынбай урушту,
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Абасы Бакай анда жок,
Алмамбет уулу кырааның
Ар ишти кылды мынатип
Жамгырчынын Шайымбет
Кезикчүгө кезикпей
Кезикпеске кезигип
Колго түшкөн кези экен.
Коңурбайга кабылып
Торго түшкөн кези экен.
Салып ийсе чыккысыз,

www.bizdin.kg



Орго түшкөн кези экен.
Карапчы кийген канына
Кармаш кылды Күлчоро.
Балбандардын баарына
Жеткен жерин айзалап,
Жетиги Калча кайдалап,
Колду аралап кетти эле.
Кол арасын караса,
Калк аманын кааласа,
Колдо турат Шайымбет.
Колу-буту байлалуу
Тордо турат Шайымбет.
Жети дөөлүү капырың
Жетик байлап алыптыр,
Олжо кылып салыптыр,
Кытайдын жети дөөсүнө
Жетик Чороң жетти эле,
Таш калаасын талкалап,
Талкан кылып өттү эле.
Байлоодогу Шайымбет
Эрдик жөнү момундай –
Эңе качып жүргүзүп,
Кулан сурга мингизип,
Алып чыкты Күлчоро.
Аябаган чоң дүмөк
Өчкөн отун тамызып,
Өлчү жанын тиргизип,
Алып чыкты Күлчоро.
Жети күн тынбай аралап,
Жетик жерин жаралап,
Эрбектеген эки кол
Өөдө болбой шал болуп,
Бүткөн бойдун баарысы,
Кыймылдабай дал болуп,
Ичке жолду төтөлөп,
Шайымбетти жетелеп,
Жаңы-Арыктын Жар-Кыя,
Жалгыз аттын чубама,
Чубамага келди эле,
Чуулгандуу эр чоро
Тулпар атын чалдырып,
Жатып уйку кандырып,
Жан сергитип түшүшүп,
Күлазык чайкап ичишип.
Бая кайран энең Каныкей
Жекейбостон кийгизип,
Желмаянды мингизип,
Атбороюн сыдыртып,
Ай-ааламды кыдыртып,
Жердин үстүн чалдырган.
Эбеп-себеп дарыдан
Эсил энең алдырган.
Эзип ичип алганда
Ооруган жарат басылып,
Умачтай көздөр ачылып,
Бая этине келген Суркоен
Ээлигип токтобой,
Жерди чапчып тебелеп,
Күйүп-бышып Күлчоро
Шайымбетти жемелеп.
«Менин абам Семетей
Ат көөнүнө карабай
Атын берди аябай,
Тон көөнүнө карабай
Тонун берди аябай
Кыймалуу жагдан чалдырдың,
Кызыр чалган Буурулду
Кытайларга алдырдың.
Аттан бир айлан, Шайымбет жаман,
Тондон бир айлан, Шайымбет жаман.
Байлоо бир жеп арттырдың, жаман,
Азабыңды тарттырдың, жаман!
Кагыштың казат баштадың, жаман,
Менин абамды каран таштадың, жаман!
Эми кагышка кирбей кайта кет, жаман.
Күлчоро тозок көрдү деп, жаман,

www.bizdin.kg



Күлүстөн абакеме айта кет, жаман!»
Деп, ошентип, Күлчоро:
«Аман барсаң Таласка
Сары кан, Бакай каныма айт,
Канчоро менен Семетей
Кыраандардын баарына айт!
Ай касаба туу кылып,
Асман бузган чуу кылып,
Асманга учуп топурак,
Аскер кайнап топурап.
Тегеректеп алды эле,
Теги көкжал чорону
Теги жанын таштабай,
Тозокко мындай салды эле.
Барса тартпас чын жайды
Көрө турган болду эле,
Жалгыздыктын зарпынан
Жайнаган кытай манжуудан
Өлө турган болду эле.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай окшойт дүйнө бок.
Муңканган сөзгө көнсүн де,
Кагыштын жайы ушундай,
Ушул Алмамбет уулу чорого
Кара болуп берсин де.
Кытай илек, мен жалгыз
Кыргынды кызык салармын,
Кызыл Буурул, тайкы жал
Кытай алган Буурулду
Ажыратып алармын.
Кыстоо көрсөм өлөрмүн,
Абакемдин Арбуурул
Кыйын каны Коңурбай
Ажыратып келермин».
Деп, ошентип, Күлчоро
Ал Шайымбет эренди
Айтып жолго салды эле.
Жоо-жарагын шайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Жазайылды салынып,
Жана жоого камынып,
Атыш кылып артынан,
Асыл жанын аябай,
Арбуурулдун дартынан.
Жоготкону Буурул ат,
Жоолашканы Коңурбай,
Убарасы Буурул ат
Урушар жоосу Эзкара
Мунарыктап бурчтанган,
Мунар түшүп урчтанган,
Айдай Сары-Талаага
Асыл көкжал Күлчоро
Жоо артынан жетти эле.
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин арты тым жата,
Үкүрчү-Тоону жакалап,
Эчки-Өлбестүн Эки-Чат
Айгыр-Жалды бакалап,
Толкуган кытай элине
Тооруганы Буурул ат,
Баатырың тоорулга чыкты көрүнөт.
Бул тооруп барган Күлчоро,
Муну мындай таштайлы.
Эр Коңурбай чоң Калча
Ошондон кабар баштайлы,
Ат оюнчу, Жөө күлүк
Кабар айтып Калчага
Канчалык салды чоң бүлүк.
Алтын боолуу чатырга,
Эр Коңурбай баатырга
Уйкудагы канына,
Таш сайынган кытайдын
Тазасынын баарына,
Күрмө кийген күчтүүгө,
Бадана кийген баатырга,
Баарынын алды Коңурбай

www.bizdin.kg



Каары күчтүү капырга.
Каткалаң жетип барыптыр,
Чын убара, чоң бүлүк
Коңурбайга салыптыр.
Каткалаңы бакырып,
Коң төрөлөп чакырып,
Канга кабар салыптыр.
Катынын кара баскансып.
Куугуну чукул качкансып,
Куу кыйкырык, чоң дүрбөң
Салган экен Каткалаң,
Ашып-шашып бакырып,
Барган экен Каткалаң,
Каткалаң үнүн укканда
Көкала сакал чоң манжуу
Коңуругу басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Ашып-шашып жайланып,
Ааламдын зору чоң Калча
Келген экен бурут деп,
Ашып-шашып жайланып,
Ок өтпөстү кийинип,
Көк күбөнү жамынып,
Көрсөң баатыр Коңурбай
Көк арыслaндай чамынып,
Бурулбай бурут келди деп,
Кароолдогу Жөөжелдет
Бул буруттан өлдү деп,
Кызыталак кыргызды
Кыргынды кызык кылбасак,
Кыпындай бирөөн таштабай,
Кызык кылып кырбасак,
Кытай болбой өлүп ал!
Кароолдон желдет өлүптүр,
Кызыталак буруттун
Канетсе кайгуулга бирөө келиптир.
Жөөжелдет өлбөй каның өл,
Кыл эмең калбай баарың өл!
Сындырган экен белимди
Уйпаланган бул бурут
Өлтүрүп желдет эримди,
Сууткан экен демимди.
Жөөжелдеттен айрылып,
Кан атактуу Коңурбай
Кантип көрөм Бээжинди,
Сындырган экен багымды,
Канкордун уулу кутургур
Кулаткан экен тагымды,
Бүктөгөн экен белимди,
Жайлаган экен эримди,
Улугуңар, каныңар,
Урушту мыктап салыңар!
Кыйыныңар жаныңар,
Кыргын тийген немедей,
Кырылып кет баарыңар!»
Мына минтип Коңурбай
Манжууларын шаштырып,
Жаадай учкан Алгара
Ойку-тойку бастырып.
Күрмөчөсүн күлдүйтүп.
Баданасын барбайтып,
Кызыл болот Зулпукор
Кытайдын каны Коң төрө
Кынынан сууруп дардайтып.
Каарланып Коңурбай
Катуу айбатын баштады,
Каканчы журту чуркурап,
Коңурбай түрүн көргөндө
Жандан кечип таштады.
Алтын чатыр түбүндө,
Кароолго чыкчу кендеме*,
Кендемеде кен турат.
Кендеменин түбүндө
Келип жайнап эл турду,
Каарды Калча баштады
Коңурбай түрүн көргөндө
Малы менен башынан
Такыр кечип таштады.

www.bizdin.kg



Чатырга чырак жагылып,
Кара кайсар Тагылык
Келип турду Калчага,
Жайнап жаткан көп улук.
Ал чатырдын төрүнөн
Коңгуроо бекем кагылып,
Коңгуроо үнүн укканда
Кол эсинен жаңылып.
Эр Коңурбай Калчанын
Эсеби жок билими.
Коңгуроосун урганда
Тогуз күндүк жерине
Ашпай-шашпай угулуп,
Ал капырдын тийими.
Жоого кабар берүүчү,
Үнүн укса калың кол
Ашып-шашып келүүчү.
Коңурбайдын доолбас –
Үнүн уксаң оолак кач.
Чылгый билдин териси,
Чокмор менен бир салса
Көчүп кетет аңгырап,
Бүт Бээжиндин керүүсү.
Кагарда чабат балбаны,
Анча-мынча кулактын
Жөн эле чыгат далдалы.
Доолбас бекем кагылып.
Калган каткан алптары
Чогуу эле келди жабылып.
Шуру отогот, маржан таш,
Кутурган Калча жанында
Улуң-туңдун каны аралаш.
Жөөжелдетим өлдү деп,
Өкүрбөй Калча калбады.
Кыргызга кыргын салгын деп,
Жөөжелдет өчүн алгын деп,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн айдады,
Алөөкөнүн Коңурбай
Акылы мыктуу доңуз ай,
Бенде беттеп басалбас,
Бел экенин көрдүңбү?
Бээжинге мыктуу туулган
Мунун эр экенин көрдүңбү?
Тилге чечен, эң камбыл
Ыктуу экенин көрдүңбү?
Жоонун айласын билген айлакер,
Мунун мыктуу экенин көрдүңбү?
Кара кайсар Тагылык,
Каптап кирди көп улук.
Каткалаңдын Сайкалы,
Капырдын кайсы бирин айталы!
Кол куралып токтолуп,
Каарды Калча салганы.
Улуктарын, эрлерин,
Урушка даңгыл шерлерин
Койбой жыйып алганы.
Коңурбай түрү ушундай,
Каалгадай кашка тиш –
Бул калайыктан башка тиш,
Таруудай бөлө бек чайнап,
Арысландай көз жайнап,
Эки көздүн кычыгы
Төбөсү түшкөн көргө окшоп,
Ай маңдайы абаңдын
Бай жайлаган төргө окшоп.
Муруту Букар шабындай,
Мурунуна карасаң
Селебенин кабындай.
Алышып адам жеңеби,
Абаңыз мындай Коңурбай,
Калдайлары, шерлери,
Канча балбан эрлери
Кайран жандан түңүлүп,
Калың кол как жарылып,
Калгандары Калчага
Келин болуп жүгүнүп.
Тазим кылып карысы,

www.bizdin.kg



Түмөн колдун баарысы,
Мына ошондо Коңурбай
Жаак жүнү үрпөйүп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Жадаал салып, дүпүлдөп,
Аскерлерге күпүлдөп.
Туш-туш жолун бекитип,
Баатырларын, эрлерин
Каарланып кекетип,
Кара курттай калкым бар,
Кармашканды соо кылбай,
Канын төкмөй салтым бар,
Каптал жарчу балбаным,
Кызыталак буруттан
Аяныл бирөөң калбагын,
Маңдай-тескей турушкун,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Калчылдашып урушкун.
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кеп кылбай согуш болгула.
Кезигип келсе бурутту
Кендирин кесип койгула.
Өлүп калган жан болсо,
Кемегедей бир жерди
Колуңар менен ойгула,
Өлгөнгө жаза ушу деп,
Колуңар менен койгула.
Өйүз-бүйүз турушкун,
Айза сунса жетпесе
Мылтык менен урушкун.
Атагын билем буруттун,
Айкөлү Манас дөө болгон,
Буурулунан айрылып
Ал өрттөнгөн канкор жөө болгон.
Улуң-туңду, Дыңшаны
Чалган Калча мына мен,
Ал эмес, атасы Манас көкжалды
Алган Калча мына мен!
Кечээ кабарында бар бекен,
Манас, Кошой, эр Төштүк
Алпы келип урушкан.
Алмамбет, Сыргак, эр Бакай
Жалпы келип урушкан.
Эрен өлгөн, кан өлгөн,
Эчен уруу жан өлгөн,
Болуп кеткен казатта
Музбурчак, Көкчө кан өлгөн,
Кесирлүү кыргыз куу журттан
Кезиккендин баары өлгөн.
Кагыша жүргөн бул казат –
Кармаша жургөн чоң адат,
Ошондо болгон чоң казат.
Ай бөксөрүп, күн өткөн,
Айлап-жылдап салышып,
Айкөлү көкжал мынеткен.
Ошол жол болгон казатта
Таштуудан нече таза өлгөн.
Кызыл камчы Шыпшайдар
Албан түрлүү алп өлгөн.
Аңдасаң мынча калк өлгөн,
Эр Каражой Кожожаш
Кытайдан мынча дөө өлгөн.
Өлгөндөрдү сурасаң-
Бут Бээжинге ээ өлгөн,
Албан түрлүү дөө өлгөн.
Ааламга бой бербеген,
Алышып адам жеңбеген,
Киши билбес сөздүүдөн,
Адамдан жалгыз көздүүдөн,
Кайрат ашкан капырдан,
Катуу тозгон баатырдан,
Бука минип, айза алган,
Жанына адамдын башын байланган,
Урунарга тоо таппай,
Кап-Тоонун тоосун айланган,
Эрлик түрү билинген,
Кан ичет десе сүйүнгөн,

www.bizdin.kg



Кызыталак буруттан
Бурут деген журуттан
Эр Мадыкан кан өлгөн.
Ошол бурут журт ушул,
Өрттөнүп кеткен калк ушул».
Деп, ошентип, Коңурбай
Айза сайчу ыктуусун,
Акыл тапчу мыктуусун,
Кайраты толук баатырын
Калбай жыйып шаштырып,
Ойдолотуп Кара атты
Оң-тетири бастырып.
Төбөсүндө айдар чач
Типтик болуп сүксөйүп,
Кылымга кыргын салчудай
Кызталак Калча үксөйүп.
Жөөжелдетим өлдү деп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Алапайын табалбай
Алөөкөнүн Коң төрө –
Ааламга тутка зор төрө
Жаңжалдашпай турбады,
Жалпы балбан мыктууну
Жанын койбой жыйнады,
Жанагы желдет өлдү деп,
Жадал салып турганы,
Ушул өлгөн Жөөжелдет
Чоң Дыңшада туулган,
Бу да адамга салган чуулган.
Түрүн көргөн чочуган,
Ажыдаардын алдынан,
Ажайыптан окуган.
Таш талкалаар шер эле,
Кең-Бээжинге туулган
Аскар – чалкар бел эле.
Сакалымдын агында,
Сапарым жакын чагымда
Бурут турган Ала-Тоо
Бу желдетим барында
Жол салармын дечү элем.
Бурут турмак ааламга
Кол салармын дечү элем.
Бурутка келип кайрылып,
Кантип кайтам Каканга,
Жөөжелдеттен айрылып.
Бу Жөөжелдет балбаным,
Жөөжелдеттен айрылып,
Арылбайт менин арманым.
Добул кирсе жел тийгиз,
Булуңдуу токой чер эле.
Топон суу жүрсө токтотчу
Бээжинге туулган эр эле.
Жөөжелдеттен айрылып,
Бээжинди кантип көрөлү.
Бет алышып бурутка
Бейпайды бекем салалы,
Айлап-жылдап урушуп,
Жөөжелдет өчүн алалы.
Кылча калбай баарыңар,
Журтум, кырылышып абыдан.
Сакчыларым, кандарым,
Албан түрлүү балбаным,
Керектүү эрден айрылып,
Бүгүн кейип абаң калганы».
Деп, ошентип Коңурбай
Кан иччүдөй камданып,
Каарын төктү бакырып.
Айзакерден ыктуусу,
Ай-ааламды буй кылган
Ал Коңурбай баатырдын
Акаяр экен мыктуусу.
Кечээ каарына алганда
Канчага казат баштаган,
Кылыгына тийгенде
Бу да кылымды союп таштаган.
Зорлугу тоонун теңиндей,
Катылганды жегиндей,
Чатак десе туштаган,

www.bizdin.kg



Чын ачуусу келгенде
Керикти жаза муштаган,
Балбандыгы, шердиги,
Башкача анын эрдиги.
Оң далынын кеңдиги
Кой жайылган талаадай,
Эки мурун түтүгү
Эт чыгарган чарадай.
Мурутунун сүрөтү
Өтөккө чыккан чалкандай.
Канжасында турган кир
Балдар көөлөп жеген талкандай,
Жолум үйдөй башы бар,
Жолу каткан Акаяр
Жаткан иттей кашы бар.
Чыдап адам барбаган,
Чын балбаны Калчанын
Чымчыган тирүү калбаган.
Жүрүмүнөн чаң чыккан,
Добушунан жан чыккан,
Акаяр жайы момундай.
Болбойт сөздүн бекери,
Болжолу жок Калчанын
Жанындагы жөкөрү.
Акаяр жайын сураба,
Ай-ааламга баркы бар.
Кез болгонду мент кылган,
Бу да келишимдүү каркыбар.
Катылыша кеткендин
Канын ичмей салты бар,
Уругу кыргыз Эштектен,
Акаяр жайын сурасаң
Эштектердин эрени,
Эр Жамгырчы көзөлү,
Муну менен Акаяр
Бирге туутан уялаш,
Уялаш түгүл удаалаш.
Кечээ кытай, кыргыз чогулуп,
Кыргын болуп турганда,
Катагандын кан Кошой
Кастык кылып кытайдын
Кыйла дөөсүн кырганда,
Кара-Шаар, Камбылда
Камап Кошой турганда
Кажылдатып калмакты
Камап Кошой турганда
Кажылдатып калмакты
Сабап Кошой турганда,
Туурадагы Турпандын
Тушун ачып турганда,
Байланып аткан базардын
Жолун чечип турганда,
Байлоодогу көп эрдин
Колун чечип турганда,
Бекип жаткан бейпайга
Белин Кошой чечкенде,
Бек ызы-чуу, чоң дүмөк
Салып турган кезинде
Туурасы Какан, Бак-Бурчун
Чалып турган кезинде,
Жаман эрдин Жарманас,
Айкожонун Билерик
Кырк аркан бою зындандан
Азат кылып Алакең
Алып турган кезинде,
Өз оюнча эр Кошой
Болуп турган кезинде,
Бет алганды бейпайлап,
Соруп турган кезинде.
Мына ошондо Акаяр
Он алты жашка илинип,
Эштектердин эри деп,
Эми атагы билинип.
Ок жетпеген ат минип,
Омуро бою күрөөкө
Ошол өңдүү тон кийип,
Айдалаага конуптур,
Абасы Кошой кандан ажырап

www.bizdin.kg



Талаага конок болуптур.
Жоорукер минген Жортуулчу,
Кандын жээни Жүгөрү
Бул үчөө жолдош болуптур.
Оркон көздөй адашып,
Аңырайган капчалдын
Алтымышын ашыптыр.
Аңгил-деңгил түз чуңкур
Далайларын басыптыр,
Минген аты Кууказык,
Алгандары кулазык,
Эрдигинен оолугуп,
Эсепсиз жайга жолугуп,
Ээн чөлгө барыптыр,
Эсил жандан түңүлүп,
Жортуп көңүл бузулуп,
Жолборс Кошойдун колун табалбай,
Бул азапка тутулуп,
Бүгүн көрүп эртең жок
Кайран башка күн түшсө,
Ушундай болот дүйнө бок.
Үчөө барган куу чөлдө
Какылдап учкан карга жок,
Куркулдаган кузгун жок.
Караса көзгө илинбей,
Куу дүнүйө чиркин деп,
Кайсы экени билинбейт.
Куу дүнүйө чиркин деп
Кайсы экени билинбейт.
Кырк күнчөлүк чөл болуп
Кызык жан өлөр жер болуп,
Ай караңгы кеч болуп,
Өлө турган кез болуп.
Жүгөрү менен Жортуулчу
Тил сүйлөбөй ээ болуп
Тилеги кабыл келбеген,
Ошондой бир, тик турган жерге
кез болуп.
Тулпар чапсаң өтө албай,
А чөлдөн чыгып кете албай,
Үстүнөн ысык кетпептир.
Жан-жаныбар макулук
Кезиксе аман кетпептир.
Тозокту чөлдүн өзү экен,
Чымчып алар чөп болбой,
Чык этип ичер суу болбой,
Томуктай жерде тоо болбой,
Ал тозоку чөлүндө
Токумчалык коо болбой,
Буурсун тийген чийин жок,
Суур чукуган ийин жок.
Ошол чөлгө кез болгон
Ушундай экен дүйнө бок.
Ысыгы маза бербептир,
Кыймылдаган жаныбар
Бирөө чыдап келбептир.
Өрттөнүп куму жайнаптыр,
Кумга койгон казаны
Куркурап чыгып кайнаптыр.
Эт бышымы болгуча
Кашык суусу калбаптыр.
Ысыгы маза бербептир,
Эч ким чыдап келбептир.
Күнү-түнү кырк бир күн
Ал ысыктан өтүптүр.
Келишимдүү чоң Оркон –
Келишимдүү чоң дайра.
Кең Орконго жетиптир,
Оркон барып турганда
Оркон жайы бул экен.
Ал оркондун сүрөтү –
Үйдөй чынар талы бар,
Жер соорусу абыдан
Жаныбарым Оркондо
Жан бүткөндүн баары бар.
Чырпыктары чынардай,
Чынарлары мунардай.
Чымчыктары улардай,

www.bizdin.kg



Жыландары ар кандай.
Чыны менен жараткан
Жан жараткан аргандай.
Кескелдирик жыландай,
Куландары кунандай,
Булагы бар ташыган.
Муңканып булбул таңшыган.
Муңканып булбул сүйлөсө,
Муңун адам уккусуз.
Буркурап ыйлап кыйла жан,
Ичинен карыш чыккысыз.
Токою күүлдөйт баары бар,
Жаратылган абыдан,
Алмасы бышып көң болуп,
Жаңгагы бышып сай толуп.
Жел аргысы дуулдап
Майда, чымчык, ак чардак
Токоюнда чуулдап.
Безилдеген безбелдек,
Кара кашка кашкалдак,
Жан бүткөндүн баары бар,
Толгон экен жаныбар,
Үйдөй түптөп чынары,
Чынарда кызык булары.
А чынарды караса,
Бир бутагы чынарга
Ала карга ал тууган.
Бир бутагын караса,
Коко тамак чар тууган.
Бир бутагын караса,
Ала моюн таан тууган.
Бир бутагын караса,
Салпылдап учкан сар тууган.
Жарыктык жайын сураба,
Жан бүткөндүн баары тууган.
Жаныбарым чоң Оркон
Өзөн менен жел жүрсө
Камыштары балкылдап,
Аттай кара балыктар
Атып түшөт жаркылдап,
Ал тамаша көргөндө
Көңүл эрип балкылдап,
Мына ошондо үч мерген
Тулпарларын жайдактап,
Ээрин алып маймактап,
Акканкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Эрен тууган үч ойрон
Алп уйкуну салыптыр.
Жатып жамбаш талдырып,
Жатып уйку кандырып,
Чыканактап уйку алып,
Чырым этип тынч алып,
Асыл эрен көкжалдар
Алп уйкуну салыптыр,
Ал аңгыча болбостон,
Алты миң кытай, сан калдай
Адырмактан арбайып,
Ошондо Эзкара чыгып калыптыр.
Манжуунун каны Эзкара
Ошондо чоң күрөң оозун буруптур,
Жерчисин жумшап Эзкара
Кытайды Кудай уруптур,
Аяныпкытай калбаптыр,
Мына Эзкара күндү жайлаптыр.
Кең Оркондун боюнда
Жөө туман түшүп жайылып,
Колоттон булут табылып,
Оройгон тоонун башына
Карарып булут жабылып.
Муздак жел жүрүп зыркырап,
Чөп-чөптүн башы дыркырап,
Чөп бузулуп кыбырлап,
Асмандан алты сай мөндүр шыбыргак
Жайчылык түрү көрүнүп,
Көктөн көк ала мөндүр төгүлүп.
Асмандан булут карарып

www.bizdin.kg



Жер жарылды дүркүрөп.
Карагай кулап, зоо учуп,
Катуу бороон күркүрөп.
Эзкара жайды салганда
Асмандан агарып булут тутулуп
Жоорукер минген Жортуулчу,
Кандын жээни Жүгөрү,
Бул экөө качып кутулуп,
Акаяр туруп кайгырып,
Кууказык аттан айрылып.
Булкулдай басып аянып,
Турган экен Акаяр
Боз келтени таянып.
Эки жакты караса,
Эл аманын кааласа
Арыктын баары жыгындап,
Аӊгектин баары тыгындап.
Тескейдеги жыгачтар
Тамыры чыгып короюп,
Аттай кара балыктар
Тышта өлгөн тороюп.
Булуттун баары чачылып,
Көк буу чыгып зирилдеп,
Жердин баары ачылып.
Жерди жарык чалыптыр,
Жети миӊ балбан, эр Калча
Бир жактан чыгып калыптыр.
Ай касаба туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Туш-туштан колун салыптыр.
Мына ошондо Акаяр
Жалгыздыгы сында жок,
Ажыратып алуучу
Жарыктык Кошой мында жок.
Эр Коӊурбай, Эзкара
Эчен мүшкүл иш кылып,
Чымындай жанга күч кылып,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Жазайыл тартып турушту,
Жалгыз байкуш канетсин
Жети күн тынбай урушту.
Калкандын баары сүзүлүп,
Зооттун баары үзүлүп,
Бүткөн бойлор шал болуп,
Ооздун баары кан болуп,
Кубаты кетип шалактап,
Көзү кетип алактап,
Чын ошондой зар болуп,
Чымын жанды кыялбай
Акаяр байкуш кар болуп,
Абасы Кошой карыны
Бир көрүүгө зар болуп,
Чалынса учуп чыгалгыс
Торго түшүп калыптыр,
Тырмаласа чыгалгыс
Орго түшүп калыптыр,
Казылуу жаткан оруна,
Кайнатылуу шоруна
Кабылган экен Акаяр
Коӊурбайдын колуна.
Кыймылдатпай денесин
Туш-туштан чалма салыптыр,
Башына коок* кийгизип,
Баланы байлап алыптыр,
Кылыччаны ыктуусу
Жайлай турган болуптур.
Эки колун теӊ байлап,
Эки көзүн теӊ чукуп,
Бээжиндин Какан канына
Айдай турган болуптур.
Тон-тоносун олжолоп,
Толгон кытай тунуптур.
Эрдик түрү кандай деп,
Коӊурбай кылыч кынаптыр,
Бул дүйнөдө сөзү ачык,
Өлмөн сайын көзү ачык,
Атка сынчы, эр билгич

www.bizdin.kg



Манжуу каны Эзкара
Акаярды сынаптыр.
Кызыл мунар буркасын
Жел болуучу уул экен,
Буруттук бейлин унутса
Эл болуучу уул экен,
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар эр экен,
Чеке сөөгү бөөдө экен,
Ченебеген бул бала
Далай жандан өөдө экен.
Кашатка салса боз коргон
Там болуучу уул экен,
Карабжыны салынып,
Каканчылуу Бээжинге
Кан болуучу уул экен.
Беренжини кийгизсең
Бээжинге татыр уул экен.
Алтын түркүк чатырга,
Эр Коңурбай баатырга
Кул болуучу уул экен,
Жазы жаак, жалпак тил
Доого кирер уул экен,
Жалаң кылыч байланып,
Жоого кирер уул экен.
Кызыл-тазыл кийинип,
Кыргызга татыр уул экен,
Алты канга көргөзсө
Бул болуучу уул экен.
Каканчы, Бак-Бурчунга
Уул болуучу уул экен
Жылас болгон баланын
Ай кулагы калкандай,
Алайган көзү чолпондой.
Белгилүү экен, белдүү экен,
Белгилүү балаң эр экен.
Бул Бээжинге кезиккен
Багып алчу шер экен,
Күрмөчөнү кийгизип,
Күрөшкө салар уул экен.
Карабжы тонду кийгизип,
Кара боз ат мингизип,
Кагышка салар эр экен.
Кызыл айза колго алса,
Кыргынга татыр уул экен.
Кара болот колго алса,
Кармашка кирчү жан экен,
Адам, бөөдө экен, бөөдө экен
Кызыталак бул бала
Кыйла жандан өөдө экен.
Бул Кутан алптан куп өөдө,
Маңкуш алптан башка өөдө,
Бул Чоюн алптан чогуу өөдө.
Балбандыгы башкача,
Кызыталак кыргыздын
Кыйындыгы бир канча,
Билеги жоон, таш жүрөк
Мындай адам болобу.
Мунун ар боруму жолборстой
Алышкан адам оңбостой.
Баксаң мындай баркы бар
Баладан артык көркү бар,
Улуң-туңду, Дыңшаны
Кыдырдык эле мынчаны.
Бейлебечү бала эмес,
Бекерге калчу жан эмес.
Алөөкөнүн Коңурбай,
Мурун уксаң сөзүмө,
Аман болсо бул кыргыз
Мура болот өзүңө.
Күлдү тонду кийгизип,
Күлүктөн тандап мингизип
Күрөшкө салчу бала экен,
Айза берсе колуна
Колду бузчу жан экен,
Айкырып чыгып качырса,
Тоону бузчу бала экен.
Мунун Акаяр атын жоюңуз,

www.bizdin.kg



Чоң балбан атка коюңуз.
Каканчы менен Бак-Бурчун
Экөөнү катар чалыңыз,
Бээжиндин Кары канына
Алып жетип барыңыз,
Так алдында зуу кудук
Ырымдап суугa салыңыз,
Так өзүңө тете уул экен,
Баатырым, жолдош кылып алыңыз!
Дегенине көнүңүз,
Ар тилегин бериңиз.
Сүйүмдүү тонун кийгизип,
Сүйгөн атын мингизип,
Кашатка салган там кылып,
Калдайга кароол кан кылып,
Бу кызыкка салыңыз.
Кыргыздыгын таштатып,
Кытайдын колун баштатып,
Ободо чолпон жылдыздай
Болжош кылып алыңыз!
Алөөкөдөн туугандай
Жолдош кылып алыңыз.
Дегенине көнүңүз,
Кызыл көйнөк, айча бел
Кылпылдаган сулуудан
Зайып алып бериңиз.
Таш сайынган кытайдын
Тазаларынын кызын жыйыңыз.
Күрмө кийген кытайдын
Күндөй кызын жыйыңыз.
Үйдөй болгон чоң буркан*
Аса байлап салыңыз,
Кырк өгүздү тең союп,
Дүнүйөнү тең коюп,
Зайып алып бериңиз.
Кыргыздыгын бузугун
Мына минтип жоюңуз,
Кең Бакбурчун, Дыңшага
Кан көтөрө коюңуз.

Мындай кылсаң бул бала
Кыргыздыгын коючу,
Өзүңө жолдош болуучу,
Эзкара айтып бир сөздү,
Көөдөнгө салып кир сөздү.
Алөөкөнүн Коңурбай
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Билгич экен Эзкара.
Сынчынын тилин алыптыр,
Муну укканда Коңурбай
Желбегей торко кийгизип,
Жел жетпес жорго мингизип,
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип,
Бээжиндин кары канына.
Өлүп кетер ой кылып,
Күн-жаңжуң менен Ай-жаңжуң
Кызык оюн той кылып,
Акаяр атын жойгузуп,
Чоң балбан атка койгузуп,
Дүңкүлдөгүн урдуруп,
Калың тоюн кылдырып,
Адам тапкыс ой кылып,
Кырк уруу кытай чогулуп,
Качыр чочко төө союп
Дүнүйөнү тең коюп,
Эчен күнү той кылып.
Жар чакырып, коң төрө
Ааламдын каны чоң төрө
Алөөкө атам кууду деп,
Ушул көргөн балбанды
Өзүмдүн энем тууду деп,
Калың кытай жыйылып,
Дүңкүлдөгү урулуп,
Той белгиси жылаажын*,
Жылаажыны кагылып,
Кааласа кызым алсын деп,
Келген экен ошондо
Каражагал Тагылык,

www.bizdin.kg



Кадырлап тозгон көкжалды
Кайнап жаткан көп улук.
Калк ичинде Коңурбай
Каарын салып бакырды,
Ачууланып ал көкжал
Акаярды чакырды,
Калк ичинде Акаяр
Опол-Тоодой зор аяр.
Эр Калчага келди эле,
Жөөжелдеттин өлгөнүн
Коңурбай айта берди эле.
Эштектердин Жамгырчы –
Акаярдын абасы.
Ал Жамгырчы өлгөндө,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран киши көргөндө,
Акаярга Коңурбай
Мунусун айта бергенде
Акаяр байкуш канетет,
Капка-Ташка токтоптур,
Капа болуп Акаяр
Качанкы дартты жоктоптур.
Чылгый ичин өрт чалып,
Чыдай албай чок болуп,
Агасы Жамгыр өлгөн соң
Кантип турсун токтолуп,
Кечилин жыйып уй кылып,
Келгендерди буй кылып,
Кыңырты болуп сөзүндө,
Кыйшыгы болуп өзүндө,
Чалгайы күчөп сөзүндө,
Чалгырты болуп көзүндө.
Айгыр биттеп, бой кылып,
Алөөкөнүн Коңурбай
Кайран Аяр канетсин,
Алышсам деп ой кылып,
Бууранын биттеп төө кылып
А кытайдын балбаны
Аты жок баарын жөө кылып,
Айгырын биттеп, ат кылып
Ар жаңжалды бат кылып,
Мына ошондо Акаяр
Эрте сөздү кеч кылып,
Эр Семетей, Бакай кан,
Күлчоро менен Канчоро
Бирөө колго тийсе деп,
Кыргыздан келчү жар – жоро
Түбүнө чогуу жетсем деп.
Кытайлык ишти унутуп,
Кыргызга кирип кетсем деп,
Жүргөн экен Акаяр.
Алөөкөнүн Коңурбай
Жамгырчынын жалгыз уул
Кечүүдөн тозуп сайганда,
Буура көкүл, тайкы жал
Семетейдин Буурулун
Астынан олжо кылганда,
Кыйла бузук, чоң жаңжал
Ал Таласка кылганда,
Бөрү баспас бөлөк жол
Бөлөк жол менен желиптир.
Буруттан түшкөн буудан деп
Акаярга бериптир.
Болоттон чылбыр тактырып,
Алты миң кытай, сан калдай
Акаярга бактырып.
Башына үкү тагылуу,
Олжого түшкөн чоң Буурул
Акаярда багылуу.
Тегереги шер коргон,
Айланасы тор болгон,
Ар Буурулду кайтарган
Жаа тартычу ыктуу бар,
Жан кыюучу мыктуу бар,
Айландыра чөгөргөн,
Кериги бар, били бар
Кериштин жайы ушундай,
Кеңирээк чечип тилимди ал.

www.bizdin.kg



Ал Буурулду кайтарган
Кыйла түркүн жандары,
Кынжылалуу балбаны,
Балбандын бирөө бошонсо
Катылыша кеткендин
Чыга турган далдады,
Кароолдору сакчысы
Кабарга койгон үчү бар,
Болжолу жок жыластын
Моюнунда бүчү бар.
Сакчы койгон тайбас бар,
Токсон жолборс күчү бар,
Ай дегенде жабылган
Сакчылары сандан көп
Адамдын мурду, кулагын
Тумар* кылып тагынган
Мунун балакети андан көп.
Чокмор алган дөөлөрү,
Толуп жатат сакчыдан
Буурулду баккан ээлери.
Бурулуп адам барабы,
Буурулга барсаң кокустан
Булкуша кетсек кокустан
Кезиккен тирүү калабы.
Акырын айтып, бек таштап,
Акаярды чакырып,
Абаңыз баатыр сөз баштап,
Алөөкөнүн Коңурбай
Дууга кирип алыптыр,
Айыкпаган бир шумдук
Чууга кирип алыптыр.
Акырын айтып, бек таштап.
Акаярга сөз баштап,
Карчыгадай камынып,
Кайран Калча көкжалга
Кайыптан акыл табылып,
Акаярга муну айтып,
Кызык болуп баарысы,
Кыргын тийген немедей
Кыйыны Калча карысы,
Кыжылдаган капырдын
Кыйын сакчы баарысы
Чууга кирип алыптыр,
Айыкпай турган бир тозок
Дууга кирип алыптыр.
Ошондо Калча муну айтат:
«Кара байыр, жез билек
Кармашып алган Буурул ат,
Талыгышпай салышып,
Тартып алган Буурул ат,
Сак болбосоң жаманат.
Балбан да элең, шер да элең,
Ишенген көзүм сен да элең,
Акаяр саа аманат*.
Беремжини байланып,
Беш-Бээжинди айланып,
Так эле Бээжинге минчү Буурул ат,
Алтын күмүш артууга,
Ар жакка канга тартууга
Ырас күлүк Буурул ат.
Куйругу бар, жалы бар,
Бизге бир куп кезикти жаныбар.
Тотудай куйрук чубаган,
Кызыталак канкордон
Кыйладан келип сураган.
Сураганга бербеген,
Султан Манастын уулу Семетей
Ошондон бөлөк минбеген.
Темир туяк, жез билек
Теги ошондой Буурул ат,
Олжого алып тундурдук,
Ойлогула алп-дөөлөр
Ойрондун белин сындырдык.
Ушул Буурул турса колунда
Эңкейтип душман келеби,
Бизди чабышып адам жеңеби?
Алыш кылсын алты жыл
Адам алы жетеби?

www.bizdin.kg



Ардагың Калча барында
Бизге арысландын тиши өтөбү.
Деп, ошентип, Коңурбай
Оозун жыйып алгыча,
Айтып кебин тыйгыча,
Түмөн колун жыйганча.
Ок жетпес сур ат менен
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс
Кагыш жакка камдаган,
Муну камдабай энең калбаган,
Ок өтпөгөн тон менен,
Бука сийдик жол менен
Бура тартпай Күлчоро.
Түн ортосу мезгилде
Темир капка ордодон,
Тегеректеп көп колдон
Теги кыраан кол салды.
Эңкейиште эр сайып,
Так элүүдөн катар бир сайып
Капчал бузуп, жол салып,
Кайнаган журтка кол салып,
Жабылып кытай, түмөн журт
Берени бар, алпы бар,
Алп алдында, калкы бар.
Камыш сындуу кайнады,
Кагышпай кытай кайнады.
Атка оюнбоз күлүгү,
Сан колго жалгыз кол салган
Күлчоронун бузугу.
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Жабылып жаңжу кетти эле,
Калдайтып туу көтөргөн
Калмактын калкы жетти эле.
Тырыгооту, шибеси
Албан түрлүү калктары,
Адамдан бөлөк алптары
Каптаган бойдон кирди эле.
Топурак учуп, тоз түшүп,
Жаанын огу дыркырап,
Жазайыл огу зыркырап,
Айзанын учу майышып
Кылыч кыйрап чыр болуп,
Кызыл кыргын болду эле.
Мына ошондо Күлчоро
Кара кылар токой жок,
Качып кирер ногой жок.
Белеске чыгар бели жок,
Белгилүү Бакай, Семетей
Караан кылган шери жок.
Жаңгыздыгы сында жок,
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда жоо болсо
Кабылан сындуу жойлогон,
Ичсе канга тойбогон,
Ар кыялы жолборстой,
Алышкан аман болбостой.
Каран кылган багы жок,
Кара чепкен, ак калпак
Кабылан кыргыз дагы жок,
Сакчылары, дөөлөрү
Жабыла кирип кол салды,
Мына ошондо Күлчоро
Астындагы Суркоен
Булуттай учуп жүгүрдү
Үстүндөгү Күлчоро
Чымындай жандан түңүлдү.
Караса көзгө илинбей,
Каран калган Буурул ат
Кайда экени билинбей.
Агарып өң суюлуп,
Буурул аттын айынан
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп.
Кагыштан калдай кан өлүп,
Кабылышып чорого
Кара кайсар дагы өлүп.

www.bizdin.kg



Белден айза быркырап,
Бет алышып салышып,
Бек кыргын болду чуркурап,
Ай балталар быркырап,
Сабы колдо калышты.
Кылыч белден кыйрашып,
Кабы колдо калышты,
Кытай илек, бул жалгыз
Кыргызы барбы жанында.
Мына ошондо карасаң
Алмамбет уулу чоронун
Башы челек кан болуп,
Бүткөн бойдун баарысы
Кыймылдабай дал болуп,
Абасы кыраан Семетей
Бир көрүүгө зар болуп.
Өөдөлөсө чорого
Өзүнө теңгээл өбөк жок,
Ылдыйласа чорого
Өлүмдөн алчу неме жок.
Кордук көрдү сында жок,
Коржондогон карандан
Кокуй Буурул мында жок
Азап көрүп артынан,
Ар буудандын дартынан
Ээр белдей мойнокко
Эми барып токтолду,
Бек мүшкүл түшүп башына
Берен тууган Күлчоро
Эми абакесин ойлоду,
Адам, түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү Манас тукуму,
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Өкүм шердин тукуму,
Адам, менин абам Семетей
Ортолоп Кең-Кол жайлаган,
Он төрт атын байлаган.
Атышка мындай жоо келсе,
Астыга салып айдаган,
Ачуусуна жан тийсе,
Азууга салып чайнаган.
Зулпукор суурул толгогон,
Кагышса канга тойбогон,
Кагышкан душман сойлогон,
Канга тоюп каттыккан,
Кан ичип жүрүп каттыккан.
Беттегенди өрт кылган,
Кармашканды мерт кылган,
Кан абакем мында жок,
Уйпаландым кытайдан
Ээ, чиркин, ушундай белең
дүйнө бок!
Тай кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Чубак уулу Канчоро –
Чуулгандуу эр чоро,
Кара болот укулу,
Канзааданын тукуму.
Ак болоттун укулу,
Айкөл Чубак тукуму.
Кыргыздардын кыраны,
Бир байдасын тийгизбей
Канчоро абам турабы!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Жалгыздыгы сында жок,
Туучунагын туйлаткан,
Тушуккан жоону ыйлаткан
Эр Сары кан абам жок.
Ак сакалын жайкаган,
Бал менен оозун чайкаган.
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан ойногон.
Капыядан сөз тапкан,
Караңгы түндө көз тапкан,
Жол жок жайдан жол тапкан,
Жоо көрүнсө кол тапкан,
Атакемдин сырдашы,
Арыслан Бакай курдашы

www.bizdin.kg



Бакай өңдүү бабам жок,
Ушундай белең дүйнө бок!
Таянган Кең-Кол, Таласы
Адам бузбас сеңирдей.
Аркадагы жетимдер
Ардай болгон Буурулду
Кара кытай манжуура
Алдырып ийди дедирбей,
Мындан көрө өлөлү,
Бул азапты көргүчө
Кармашып канды төгөлү.
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Буурул аттан айрылып,
Мынетип тирүү жүргүчө
Туулбай туна чөгөйүн.
Бурулуп бузук салайын,
Буу башым жерге киргиче
Ушул Буурулдун шегин табайын.
Күрпүлдөгөн манжуура
Күрөшүп бузук ачайын,
Кыжылдаган кытайга
Асыл каным чачайын.
Буурулду таап алалбай
Өрттөнүп турган жүрөктүн
Күйүтүн кантип басайын,
Кара кытай солоңго
Кагышып күрөш ачайын,
Кан төрөмдүн аты үчүн
Канды суудай чачайын,
Буурулдун шегин бир билбей,
Бул өрттөнүп турган ичимдин
Желигин кантип басайын.
Бул түнөрүп аткан кытайга
Түз кирип айза сунайын.
Түгөнгөн Буурул мал үчүн
Мен түйшүктү бекем кылайын.
Бул карарып аткан калмакка.
Качырып айза сунайын.
Кара Буурул ат үчүн
Канымды сарп кылайын.
Же Буурулду таап алалбай,
Же куру желип шокшоңдоп,
Курган абам Семетейге баралбай,
Тирүү жүрүп нетейин,
Акыр-такыр салышып,
Курман болуп кетейин!
Кытай түмөн, мен жалгыз
Кыйналып мүшкүл чын көрдүм,
Ишти кудай, оңдочу!
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын берени
Алмамбет атам колдочу!
Убара мүшкүл көп көрдүм,
Уга көргүн, сөзүмдү!
Кан атам Манас кабылан,
Азыр түмөн кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Арбагыңда козголуп,
Колдой көргүн өзүмдү!
Кокуй, ата, кан Манас
Угаар бекен сөзүмдү.
Уруш кылсам кайрылып,
Колдоор бекен өзүмдү.
Карап турду Күлчоро
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Күчтүү кытай, манжуу журт
Күйүтүн тартып сүйлөнүп.
Баданадай балкылдап,
Бала кыраан кургурдун
Айдай бети жаркылдап.
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көкжалдын атын табалбай,
Берендин көзүнүн жашы төгүлүп.
Кынсыз кылыч салынып,
Кыямат кеткен шерлердин,
Шай колдогон эрлердин
Азыр жолдош болчудай,
Арбагына жалынып.

www.bizdin.kg



Жылкыда тулпар алабаш,
Тирүүлүктө жыйгандаш,
Өлүп калсаң ыймандаш,
Арыслandын бирөө бу дагы
Акбалтайдын Чубагы,
Ай-ааламды буй кылган
Айкөл Манас чунагы,
Баатыр Сыргак, Сереги
Жолдош болуп чорого
Жолго салгын мени эми!
Аргын кандын Ажыбай,
Үзүктөй калпак Шууту кул
Ырамандын Ырчы уулу,
Адыгандын Акжолтой,
Төлөмандын Төлгөчү,
Төрт күрөңдүн эркеси,
Баарысынын баасы,
Багдакулдун чолпону,
Кыялы тентек анысы,
Кыйыны Бозуул даанасы,
Кырк чоронун карысы,
Кыйласын жомок бир кылдым
Кыргыл баштык карысы.
Колдойт-колдойт дечү эле,
Кысталган мүшкүл чын көрдүм,
Кыргын тийген немедей
Кызык болуп баарысы.
Арыслandар көзүң сала көр,
Азыркы кытай мүшкүлдөн
Армандуу кылбай чороңду
Арстандыгың чын болсо,
Мени эсиңе ала көр!
Ат ойнок эр Көкбөрү,
Атакем Манас жөкөрү.
Үрбү менен Бай ата
Эми колдоп ал, ата!
Атадан жетим байкуш деп,
Бизге көзүң сал, ата!
Кытай илек, мен жалгыз,
Чама чарчап ал кетти,
Болот айза курч жетти.
Идердүү жигит, күлүк ат
Бул экөөнөн ал кетти.
Алтындаган боз кисе
Моюнуна салынып,
Азыр жолдош болчудай
Өтүп кеткен эрлердин
Арбагына жалынып.
Кырк чилтен*, Кызыр Илияс деп,
Кыйла журттун кеби эле.
Кысталганда эренди
Жолдошуң ошол деди эле,
Колдосоң мына колдо деп,
Колдогонуң чын болсо,
Жолдош бол ушул жолдо деп.
Жети бөрү бир койду
Таласа тарпы калган жок.
Жети илек жан бир жанды,
Сабаса тарпы калган жок.
Ушул Арбуурул тийсе колума,
А кудай, саа арман жок!
Менин тилегеним Арбуурул,
Тиктегеним Коңурбай,
Каалаганым Буурул ат,
Кармашарым Эзкара,
Өткөн иштин жайынан,
Арбуурулдун айынан,
Көп кетирдим малымды,
Зарып кылдым жанымды».
Деп, ошондо муну айтып,
Алмамбеттин арысланы
Айры белес кайкаңга
Эс алууга басканы.
Туура булак туюк суу
Атагы тээк деп айтат,
Мунун ат сууткан жери мынабу.

www.bizdin.kg



Күлчоро Тайбуурулду алууга кытайлардын колуна кирүүгө көздөп баратып, кытайлардын аскерлеринин бир кароолчусуна кезигип, аны өлтүрүп, бүт кебин кийип алып, Акаярдын колундагы Буурулга бараткан жери.

Ошол кезде Күлчоро
Онжоңдогон Сур атты
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Жайжарагын жайланып,
Жалаңдаган эр чоро
Жанына жалаң кылыч байланып.
Алтын жаак ай балта
Бу билекке чалынуу,
Ашып-шашып камынып,
Онжоңдогон сур аттын
Ооздугун алды эле,
Ошондо чөпкө салды эле.
Тогуз дөбө бетеге
Толгон чөптөн чалдырып,
Оргуп аткан булактан
Суусунун кандырып,
Көп жетелеп отуруп,
Жаадай учкан Сур атты
Көөдөнүн чөпкө толтуруп.
Талыкпастан отуруп,
Таз кардын чөпкө толтуруп.
Кыйгаштатып каранды
Тарткы менен тарткылап,
Тазалап терин арткылап,
Кыргы менен кыргылап,
Онжоңдогон тулпарды
«Бүгүн ойронго минер чагым» – деп,
Канжаңдаган каранды
Кагышка минер чагым» – деп,
Ат аманын караса,
Ал Сураты караса,
Капшыт сөөгү кабышып,
Казы алуучу боор эт
Каса этине жабышып,
Кабыргасы кажырап,
Караныңдын жүндөрү
Калган экен бириндеп.
Сай-сай болуп чачырап,
Кулаңдай кулак жапырып,
Кара жердин кыртышын
Асман көздөй сапырып.
Ойкуштанып кылаңдап,
Калган экен союлгур
От чайнабай чунаңдап.
Туу куйругу бөлүнүп,
Туйлап кетсе, кара жер
Кат-катынан бөлүнүп.
Кармашка минчү тулпардын
Карысы мынча көрүнүп.
Таман жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Каран калган тулпардын
Көмөкөйдө карсылдап.
Көкүлүн көккө зыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Ооздугун каккылап,
Тал жибектей куйругун
Чаткаякка чапкылап.
Айбан зору Суркоен
Тутам жетпес зор азуу
Көмөкөйдө көрүнүп,
Көзү жайнап кызарып,
Кургуруңдун Суркоен
Кулачтай мойну узарып,
Айгай салса шашпаган,
Ашып-шашып чуу койсо,
Бир изин ката баспаган,
Жалы менен куйругу
Туш-туш жакка бөлүнүп,
Турган экен союлгур

www.bizdin.kg



Тулпарлык сыны көрүнүп.
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек
Казатка минер чоң Сур ат,
«Кагылайын жарыктык,
Бүгүн мен каканга салам чоң дүмөк!
Бүгүн ичим капа, боорум чок,
Арка кылам аа, Сур ат
Өзүңдөн башка тууган жок.
Бүгүн туугандыгың мына бул,
Башыңды жерге сала көр,
Башкача арыш ала көр.
Бүгүн бир мойнуңду жерге
салып бер,
Болжолсуз арыш алып бер!
Адыр-күдүр кырк артуу
Белге чыда, чоң Сур ат,
Кырк күнчүлүк кыямат
Чөлгө чыда, чоң Сур ат,
Айбандан артык санатың,
Айлансам болот Сур атка,
Айланып учкан канатым.
Чоң Сур ат, сенин үстүңдө
Зулпукор сууруп, топ бузам,
Кармашкан жоом Каканчы
Мен өзүм ажалым жетсе окко учам!
Өлчөп ойлоп отурсам
Өзүңдөн башка буудан жок,
Ашкере жолдош болуучу
Жанымда айкөлүм абам тууган жок,
Эңкейип кетсем кокустан
Чоң Сур ат, өзүңдөн башка
ээрим жок.
Атам Алмамбет менен туушкан
Тууганым эмес, жээним жок,
Менин ичим капа, боорум чок,
Өлүп калсам, ыйманым
Жаратканга көөнүм ток,
Биздин түп атабыз Чылаба,
Мындан бөлөк душман жок,
Жекени жетик курчанып,
Көргөнү кетип баратам.
Бүгүн тагдыр күн бүтсө кытайдан,
Өлгөнү кетип баратам.
Күрдөлү куу баш барында
Күлүгүм кантип берейин!
Күчөгөн кытай манжууга
Күрсүлдөшүп көрөйүн,
Туйгун бу куу баш барында
Тулпарым кантип берейин,
Кутурган окшойт бу кечил
Кулжуңдашып көрөйүн!
Күндө тынып калбастан,
Күн мезгилин албастан,
Күндөп-түндөп урушуп,
Күрсүлдөшүп көрөйүн,
Алтай жаткан кытайды
Алтайга чейин сүрөйүн!
Бу Буурулдун артынан
Кара калмак шибесин
Каңгайга чейин сүрөйүн!»
Деп, ошентип Күлчоро,
Жакасы кымбат, жеңи жез
Каран калган ок өтпөс
Калыңдыгы жарым кез.
Аркактарын атайы
Жибек ийрип талдырган,
Эришине карандын
Болот эгеп салдырган,
Муштаса колду талдырган.
Качырып жоого киргенде
Чын кубаны кандырган,
Ишмечи иштеп, кыз тиккен,
Жез оймоктон уз тиккен.
Айбалта менен бир салса,
Алтымыш бараң атылган.
Кара саат каранга
Ажалдуу душман катылган,

www.bizdin.kg



Атса келте кеспеген,
Айза урса болот тешпеген.
Бая кайран энең Каныкей
Бул жаңжалды эстеген,
Арыптатып курч коюп,
Ар мүчөсүн орогон.
Алөөкөнүн Коңурбай
Ушунун атышына жорогон.
Семетейдин казына
Муну жасап турганда
Арбыныраак корогон,
Бүчүлүгү бир тогуз,
Бүчүлүгүн бурдуруп,
Бүчүлүктүн түбүнө
Бүлк этсе айза тиер деп,
Таамай сайса караңга
Так ошол жерден кирер деп,
Болжолу жок энекең
Болот эгеп тундурган,
Токсон кыйын балбанга
Тогуз ай тынбай урдурган,
Кымбат баа кырмызы,
Кыйын энең Каныкей
Кызыгын мынча кылдырган.
Билбей койсом бекер деп,
Беттешип кирсе душманга
Кокусунан жаңылып,
Ок жаңылып кетер деп,
Берендер жоого кийсин деп,
Кажыбай жоого тийсин деп,
Тоок көздөн чалдырган,
Торгой көздөн алдырган.
Тешик жерин койбогон,
Бейтаалай энең оңдогон.
Бүчүсүн тогуз тактырган,
Жоого ылайык бактырган.
Ашпай-шашпай Күлчоро
Жоо кийимин кийди эле,
Бүчүлүгү бир тогуз
Бүчүлүгүн түйдү эле.
Топчулугу бир тогуз,
Топчуланып ийди эле,
Толук боюн топчулап,
Кабыргада себилди
Ок өтпөй турган темирди
Көпкөк темир туулга,
Көмкөрө кийип чарайна,
Кытай журттан чочунуп,
Кызык болуп кийинип,
Кабагым деп, каш дебей,
Кайнына барчу немедей
Кашкая күлүп сүйүнүп,
Онжондогон чоң Сурду
Алакең кылган Акканкы ээр,
Булгары тердик, көк токум
Бууданына ыргытып,
Алдыңкы кашы ак алтын,
Арткы кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир
Эңишке минер акканкы ээр
Эсил чоро бул ойрон
Эрикпестен ат токуп,
Шамдагайы болжолсуз,
Шапа-шупа бат токуп,
Чап олоңун узартып,
Онжондогон карандын
Куюшканын кыскартып.
Жоо белгиси доолбас –
Үнүн уксаң оолак кач.
Сүрөөнгө кирсең уруучу
Кез келгенин кыруучу,
Келишимдүү доолбас
Кайра байлап кабыштап,
Кара саат жыласты
Канжыгага табыштап.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көкжалдык түрү көрүнүп.
Жоо дегенде турабы

www.bizdin.kg



Теңиздиги мынчалык
Темир таман үзөңгү
Теппей чурап минди эле.
Айры белес кайкандан
Ашып басып адуулап,
Астындагы Сур атты
Абай менен жабуулап.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көкжалдыгы ушундай
Көк аскардай көрүнүп,
Жай-жарагын жайланып,
Ата, жалаңдаган күлүстөн
Жалаң кылыч байланып,
Кылдаткер куйган болоттун
Темириндей көрүнүп.
Зоңкойгон Ала-Тоонун
Сеңириндей көрүнүп.
Ай-ааламды кармаган
Тирөөсүндөй көрүнүп.
Адамдан жалгыз жаралган
Бир өзүндөй көрүнүп.
Мөндүр куйган булуттун
Салкынынан бүткөнсүп,
Аңырайган капчалдын
Алкымынан бүткөнсүп.
Кыймылдаса мына жер
Кыйынынан түткөндөй.
Кызыталак бул чиркин
Ааламды күткүдөй.
Алыш кылса аалам журт
Буга кантип туткудөй.
Кырылышса каканды
Кыргын кылып талкалап,
Жөн эле бала күткүдөй.
Мына ошондой Күлчоро
Кызыл айза көтөрүп,
Кытай көздөй бет алып,
Түрү суук чунактын
Түрүн киши көргүдөй.
Түрүн көргөн душмандар
Жөн эле түрүлүп качып өлгөндөй.
Көз чуңкуру буткулдай,
Кара саат сыйпалгыр
Кармашканды жуткундай.
Дүнүйөлүк балбандай,
Эл бийлеген зарлардай.
Айбаты башка, заары күч
Кара саат Күлчоро
Катылганды кылат түз,
Сөлөкөтү, сөлбөтү,
Атка минген келбети
Көргөн жанды шаштырган.
Алчаңдаган Сур атты
Кара жолтой бастырып,
Жаратылган бендеде
Күлчоро өңдү болбоптур,
Колдогону бир тогуз
Бул кокуйду колдоптур.
Аты Кызыр дийбана
Онжоңдогон Сур атты
Жыл оздуктан төтөлөп,
Коржондотуп баланы
Кырк чилтендер жетелеп.
Алпкаракуш-зымырык
Азыр илип кетчүдөй,
Арбайтып бутун салыптыр,
Кара чаар кабылан
Капшытынан чамынып,
Кан атасы Манастын
Арбагы коштоп алыптыр.
Чолок көкжал арслан
Оңураңдап кыйгачтап,
Оозун ачып жол баштап,
Атасы кыраан Алмамбет
Мунун арбагы келип калыптыр.
Бет алдынан караса –
Берендик жайын айтайын,
Менденин көөнү бөлүнүп,

www.bizdin.kg



Арт жагынан караса –
Алты миң колдой көрүнүп.
Бет алдынан караса –
Мурутунан чок чыгып,
Эки көздүн өзүнөн
Айза бою от чыгып,
Оозундагы көк жалын
Өрттөп кетчү немедей
Октоз берип шыркырап,
Калжөкөрдөй кайран тиш
Жөн эле таруудайдан быркырап.
Карагандан түнөрүп,
Сур ат менен балкылдап.
Алмамбеттин сыр бараң
Ай далыда жаркылдап,
Ач арслaндай керилип,
Алтын жаак айбалта
Ал колунда көрүнүп.
Айбалта жайын айталык –
Уңгусу чокмор муштумдай.
Айбалта жайы ушундай.
Мизи болот калжайган,
Шилтеген жерден кан жайган.
Адам эмес каранды
Тоону төптөп бир салса,
Мыктап мизи тийген жер
Кокту болуп алжайган.
Болоттон мизин чыгарган,
Болжолу жок Бөлөкбай
Уу менен сугарган.
Сабын алтын толгогон,
Саат баскан каранды
Эчен жылы оңдогон.
Алтымыш Калча, Бөлөкбай
Эчен жылы сомдогон,
Дөөтү менен дос уста
Эрикпей жатып оңдогон,
Жоого ылайык болжогон,
Айбалта жасап турганда
Көрүктүн баары тытылып,
Алман түшсө кыргыздан
Көк букачар союлган,
Көмүрүнө жан түтпөй,
Көк булуң токой оюлган,
Сугатына жан түтпөй,
Кара булак соолгон,
Ажыдаардан уу тартып,
Асыл уста оңдогон,
Опол-Тоонун түп ыргай
Төкөр уста Бөлөкбай
Өзү карап отуруп,
Чеберлерге бурдурган,
Билимдүү уста Бөлөкбай
Билгичтиги ушундай:
Бил терисин кап кылып,
Айбалтага сап кылып,
Коржоңдогон кокуйдун
Колдоруна чак кылган.
Алпты чапса ураган,
Бет алышкан душмандар
Түрүн көрсө жөн эле
Кыргын тийген немедей,
Кызык болуп сулаган,
Асый өгүз терисин
Бүлдүргүгө бураган.
Асылдарга, шерлерге
Ылайыктап кылдырган,
Кымбат баа айбалта
Ал билекте чалылуу,
Алмамбеттин Жойкума –
Кылычтын жайын сураба,
Кайыбынан кабылып,
Кан Манастын өзүнө
Ай далаадан табылган.
Берен Албаң көкжалга
Белекке берген Жойкума,
Толтосу көөхар, сабы алтын,
Толукшуп жоого чыгарса,

www.bizdin.kg



Ташка салса тартпаган,
Болоттугу көрүнгөн,
Төө бою кара таш
Терең Албаң чапканда
Кыңынан эки бөлүнгөн.
Эрендер, дөө сындаган,
Кында жүрсө ырдаган,
Кыйкырып жоого шилтесе,
Тийгени аман турбаган.
Шиберге койсо өрт кетип,
Шилтегени мүрт кетип,
Кыйкырып кындан чыгарса
Көгөрүп мизи кызарган,
Кыйкырып жоого шилтесе,
Кырк кулач болуп узарган.
Канга мыктап тойбосо
Катса кынга кирбеге.
Кагышка кирип шилтесе,
Кан сорбой куру жүрбөгөн.
Боосун жибек бураган,
Беттешкен душман сулаган.
Алаке кандын Жойкума
Ал жанында балкылдап,
Ачалбарс кылыч байланып,
Оройгон тоону айланып,
Адыр-күдүр бел басып,
Албан түрлүү жер басып,
Бугудай мойнун буратып,
Бута бою аңгектен
Буйдалбастан чуратып,
Адамдын көөнүн бөлүнтүп
Арслан түрүн көрүнтүп,
Ээр белдей кайкаңды
Ашып кирип барды эле.
Көз көрбөгөн чел, адыр
Аржак жагы мунарык,
Мунарыкты караса –
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Чоңдугу тоодой баркы бар.
Көрсөң түрү ушундай,
Кароолдо турган каркыбар.
Кармашса, жанды жээр экен,
Канжар балбан дээр экен.
Жеке кайгып жол чалып,
Кезиккенден олжо алып.
Чаң жыттанган кул экен.
Көз болгонду өлтүрүп,
Кан жыттанган кул экен,
Кечилдин каны Коңурдун
Канжар балбан дээр экен,
Анын камбылдыгы болжолсуз,
Кармашканды жээр экен.
Таштан кайра тартпаган,
Кагыштан кайра кайтпаган,
Жүрүшүнөн чаң чыккан,
Каңыртынан жан чыккан,
Кармашынан кан чыккан,
Кароолго каалап, ал чыккан,
Кез болушту койбогон,
Ичсе канга тойбогон.
Каканчыдан Бээжинден
«Мен эрмин» деп ойлогон.
Туурасы жоон, бою бас,
Тутанып өлгөн капырдын
Тулку бою кара таш.
Ашка соргок, эң баатыр
Айласы мол эң капыр.
Каршыккан жанды койбогон,
Бир доңуздун этине
Бир жегенде тойбогон.
Балбандыгын карачы –
Түгөнгүр жайы ушундай
Түктү таман баласы.
Атка минбей жөө жүргөн,
Эрдигин кытай журт билген,
Болот айза майлаган,
Кабылганды жайлаган.

www.bizdin.kg



Баарынан кыйын дөө деген,
Ар жагы шаары Маңгүбе,
Маңгүбени ээлеген,
Жеке басар атыгып,
Кытай журту дөө деген.
Кабылганды кайсаган,
Кезиккенди мерт кылган.
Балбан ошол, мыктуу ошол,
Жуткуч ошол, эр ошол,
Кан Коңурбай баатырдын
Бек ишенген шери ошол.
Эрдиктен мындай болобу,
Дүбүртүнөн жан чыгып,
Солобо журту кологон.
Эл кыларда момуну,
Кечилдин каны Калчанын.
Казынасын сурасаң
Арбыныраак корогон.
Эрдик менен шерлиги
Кырк уруу журтка билинген,
«Кыйын канжар балбан» – деп,
Бир атагы чоң кандын
Даңзасына чийилген.
Атбороюн сыдырган,
Кулак угуп, көз көргөн
Жердин баарын кыдырган.
Коңурбай кармап аларда
Калайманды баштаган,
Коңурбайдын кырк төрө
Такыр кырып таштаган.
Кырып койгон себеби –
Мунун атасы кытай долусу,
Адам тилин билбеген
Бул айбанга чалыш доңузу.
Энеси инди жалабы,
Муну эңкейтип менде алабы,
Каруусу толук капырдан
Мындан кармашкан тирүү калабы?!
Атагын уккан чочуган,
Ажыдаардын зыйкырдан
Зоо кудуктун түбүнөн
Алты жылы окуган.
Жан баспаган Сазаңшаң
Эби менен жер кылган,
Эр Коңурбай баатырың
Сазаңшаңдын Канжарын
Эптеп жүрүп эл кылган.
Алтын таажы кийгизип.
Чет-Бээжинге кан кылып,
Кыжылдаган аскердин
Кыйла дөөсүн билгизген.
Кагышса жанды жээр экен,
Калың кытай чуу туруп,
Канжар балбан дээр экен.
Эр Коңурбай кан менен
Жортуп чыкса кабакташ,
Бирге жүрсө тамакташ,
Казынада мал орток,
Коңурбай менен бул экөө
Кагышка чыкса жан орток.
Балбандыгы башкача
Бек шумдуктуу чоң улук.
Урушаарга жоо таппай,
Өрттөнгүр жайы ушундай
Тиги Бээжинден келген тоорулуп.
Көпкөк темир чынжырдан
Көрсөң белин курчанган.
Тоодой чокмор колго алып,
Тоо-таш көрсө бир салган,
Чокморунан чок чыккан,
Чапса тоодон от чыккан.
Каарды катуу баштаган,
Дагалактын элинен,
Күн кетпестин чөлүнөн,
Мал баспастын белинен
Эченди кырып таштаган.
Кара жакал Тагылык,
Коңурбайдан бөлөгү

www.bizdin.kg



Таажым кылган көп улук.
Кабагын түйүп бүркөсө
Канча жан жандан түңүлгөн,
Айкырыгы жер бузган,
Бакырыгы эл бузган,
Бой боруму ушундай,
Көөхардан топчу муштумдай.
Көмүлүп өлгөн Канжардын
Мунун бой келбети ушундай.
Кароолго турса кан урган,
Бу капырдын бетине
Эки элидей муз турган.
Мендеден артык каркыбар,
Кытайча эки аты бар.
Манжуу журт айтат Музмурут,
Кечилче аты чоң Канжар
Кезиккен менде таң калган.
Келбети бар дүмөктөй,
Капырыңдын кашка тиш
Сомдоп койгон күрөктөй,
Аркасында айдар чач
Өтөктө жаткан өгүздөй,
Мурду тоонун бородой,
Көзү ачылган ороодой.
Көрө калган менделер
Капырыңдын заарынан
Качып кетчү жолобой.
Кароолго турган эр ошол
Күн сыяктуу күркүрөп,
Муну көрүп Күлчоро
Тула бою дүркүрөп.
Кароолдо турган мунусу –
Капырдын түрү курусун,
Адырдуу тоонун булагы,
Алмамбеттин чунагы
Шай колдогон Күлчоро
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Күмүш кисе курчанып,
Күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн баланын
Күндөй бети нур чалып.
Алтын кисе курчанып,
Шай колдогон эрендин
Эр Күлчоро берендин
Айдай бети нур чалып,
Эки көздөн өрт күйүп,
Көрсө, көңүл бөлүнүп,
Абайласа, карааны
Ала аскар тоодой көрүнүп,
Чоңдугу тоодой ат минип,
Сур атынын куйругун
Экиге бөлүп чарт түйүп,
Ажалдан кайта тартпастан
Түмөн жоого бир тийген,
Жайнаган кызыл чок болгон.
Качырса сан кол токтогон
Минген аты сур болгон
А дүйнө кеткен Алмандан
Кан Алмамбет балбандан
Артыкча туулуп, шер болгон
Жетим калып, жетилген
Жерге көзү кошулган
Манастын уулу чунактын
Өөдө тартса – өбөгү,
Ылдый тартса – жөлөгү.
Астыга жүрсө – ак жолу,
Жан жаралбайт мынчалык
Баарынан мыктуу болжолу.
Арка кылып Семетей
Астыга салса – сан колу,
Чынмачыңдын көп колу
Чымырканып чалыптыр,
Чын Бууруддун айынан
Чымындай болгон куу жанды
Кылга байлап салыптыр.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,

www.bizdin.kg



Шамдагайы болжолсуз
Мына ошондо Күлчоро
Арыслaндай чамынып,
Шай колдогон эреңге
Эр Күлчоро береңге
Кайыптан акыл табылып.
Кароолдогу балбанга,
Кайнап жаткан жандарга
Тегерете карабай,
Теги эрдиги ушундай
Тегеле жанын аябай.
Кыжылдаган кытайдын
Кыйын Канжар баатырдын
Эр экен деп санабай.
Эпсиз балбан шер чоро,
Эбегейсиз эр чоро
Эми өлөм деп санабай.
Кароолдо турган капырга
Кез болушту Күлчоро
Келип Канжар баатырга.
Канжар мыктуу дээр экен,
Жарым тоодой жанказан –
Жанказаны байлалуу.
Бир жерине баатырдын
Бир доңуз эти кайнаган.
Бээжинден чыккан чоң керик
Бул жанында байлалуу,
Уңгусу болот, айза алып,
Ата, тутанып өлгөн кутургур
Жалаң кылыч байланып.
Кайра жаачу булуттай,
Каарланган дүмөктүн
Каары бетине айланып,
Көрө калып чоронун
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Тутанып өлгөн кутургур
Көк дөбөдөй көрүнүп.
Оозунан чыккан жалыны
Капчыгайдын өртү окшоп,
Кабылганды кайсаган
Капырыңдын шерти окшойт.
Болоттон кылган чоюнбаш –
Болжолун көрсөң оолак кач,
Бу колунда жайлалуу.
Жоо көрүнсө сундурган.
Тартса талкан бир кылып,
Далай жанды тындырган,
Жаагы кара сыр жебе
Мунун жабдыгын айтсак аңгеме,
Кутургурга ылайык.
Жай-жарагын кылдырган,
Жаанын тартар боосуна
Жети өгүздү сойдурган.
Огу чыкчу оозуна
Кыркалатып алтындан
Кызык кылып ойдурган.
Буруп боосун толгогон,
Муну менен булкушкан киши сойлогон.
Оңолбогон каранга
Он өгүздү чалдырып,
Терисин сыйрып алдырып,
Ашаткыга салдырган.
Күдерилеп ийлетип,
Ийин мыктап кандырган.
Токсон кыйын балбанга
Туурасынан талаткан,
Эки жүздөй балбанга
Тогуз ай тынбай каранды
Токмок менен урдурган.
Балбандарга бурдуруп,
Бурганында доо кылып,
Жаасына боо кылган.
Бөрү тилдеп ок кылган,
Тартса ташты жок кылган.
Ашаганда машаган,
Казыналык чоң уста –
Эр быйөнгө уста жасаган.

www.bizdin.kg



Жаасы мындай баатырдын
Жараткан буйрук кылбаса,
Жадалы мындай капырдын
Эки бети түктөйсө
Кырдагы топоз түгүндөй,
Эки ийнинин кенени
Арткан билдин жүгүндөй.
Оозунан чыккан жел
Капчал тоонун желиндей,
Кутургурду сурасаң
Кармашканды жегиндей.
Мурутунун бир кылы
Букарлыктын шабындай,
Кабагынын бийиги
Керүченин тамындай
Келбети мындай баатыр ай,
Келберсиген капыр ай.
Мына ошондо Күлчоро
Кыйшая карап отурду,
Кыйын Канжар балбанды
Кыябына толтурду.
Сөлөкөтү-сөлбөтү
Тоюп көңүл бөлүнөт.
Алөөкөнүн Коңурбай
Көкала сакал манжуудан
Мунусу артыгыраак көрүнөт.
«Белимсиген доңуздун
Бет алдына барайын,
Мыктап балта чабышып,
Былчылдашып алайын.
Жекеме-жеке урушуп,
Кериштп кенен кылышып,
Кез болгон жерди жулушуп,
Кайгы-муңду чачышып.
Кез келген жерди талкалап,
Ородой кылып ачышып,
Жекеме-жеке урушуп,
Жеке уруш салайын.
Эңкейтип калсам капырдын
Кылычтап башын алайын» –
Деп, ошентип, Күлчоро
«Баабедин!» – деп, бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Уңгусу болот, учу курч
Учуна салган кара курч,
Жоо жабдыгы сыр найза
Колдон тайып кетет – деп,
Тутам жерин сырдаган,
Тутам жерин кырдаган.
Кылыч тийсе кесер деп.
Коло-жездеп чырмаган,
Камчы тийсе каңк этип,
Чыбык тийсе зыңк этип,
Өзүнөн өзү ырдаган.
Муштаган жерге мадаган,
Сайышкан душман жадаган.
Сундурганда бир жеткен.
Желпип өтсө кан кеткен,
Жете электе жан кеткен.
Түпөгүн кылдан бурдурган,
Кара саат карандын
Түбүн мындай кылдырган.
Мубакүлдүү сыр айза
Буруп кармап имерип,
Онжоңдогон Сур атын
Такымга тартып жиберип,
Жаадай учуп Күлчоро
Сур ат оозун бурду эле.
Алдындагы бууданын
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Ондоп-солдоп теминип.
Кароолчу көздөй желигип.
Опол-Тоодой балбанга
Куштай учуп жетти эле.
Жеткен жерде балбанды
«Көк күбө тондун бети – деп,
«Көрүнө өпкө чети – деп»,
Колтуктун жан бези – деп,

www.bizdin.kg



«Сексен жаны болсо да
Доңуздун серпилер чагы ушу» – деп,
О, дегизбей жетти эле,
Күп дегизе чороңуз
Муштап келип өттү эле,
Кароолдогу балбаны
Зыңгырады кенебей,
Күлчоронун сайганын
Бучкагына теңебей.
Каарланып баштады,
Астындагы Сур аты
Тизеден жерге тыгылып,
Онжоңдогон сыйпалгыр
Кулап кете таштады.
Керик минген чоң Канжар
Кенебей турду барбайып,
Жолум үйдөй ак була
Айза учунан калдайып,
Керигине камчы уруп,
Кыйын экен айласы,
Тутанып өлгөн капырдын
Кырк кулач экен айзасы,
Кыймылдабай, былк дебей,
Туруп берди Күлчоро.
Керик оозун бурду эми,
Кыйын экен айласы
Кыйкырып келип урду эми.
Катуу каарын баштады,
Шай колдогон шер чоро
Чоң Сур аттын үстүнөн
Учуп кете таштады.
Шамдайгайы болжолсуз,
Айзакерден ыктуу кул
Атасы кандын Жойкума
Кармай калып сабынан,
Сууруп чыгып кабынан
Эсебин эптеп тапты эле,
Сайып турган айзасын
Белинен кыя чапты эле.
Бул өңдөнүп ким жүргөн,
Берендер айза урушса
Мендеде болбойт бул дүрбөн.
Көкжал балбан – эр Канжар
Болоттон кылган чоюнбаш
Алты кырлуу кан ичер
Ала коюп чоюнбаш
Алып келип саларда
Колундагы айбалта
Шилтесе таштан тартпаган
Алтын жаак айбалта
Ала коюп Күлчоро
Жолун тозуп урду эле,
Шамдагайы болжолсуз
Мындай-кызык кылды эле,
Сабы калып чоюнбаш
Башы жерге түштү эле.
Баатырлык жайы ушундай
Түп этектен алышып,
Онжоңдогон кыраандар
Оодарышып калышып,
Ээр сынбай кычырап,
Үзөңгүнүн боолугу
Кат-катынан бычырап.
Көөхардан топчу үзүлүп,
Ок өтпөгөн тондору
Аркагынан сүзүлүп.
Ат бооруна жатышып,
Жакалаша тартышып,
Ахалашып салышып,
Аябай жаңжал болду эле,
Жекеме-жеке турушуп,
Жекелешип урушуп,
Астындагы кериги
Алышып жүргөн чагында
Мүдүрүлүп өттү эле.
Көпкөк темир туулга
Көмүлгөн Канжар балбандын
Учуп жерге жетти эле.

www.bizdin.kg



Туулгасын алгыча,
Кайра башка салгыча,
Кагышта жанын бек чындап,
Жанды багып калгыча,
Шамдагайы болжолсуз
Ылачындай эр чоро
Чоң Канжарга жетти эле.
Атасынын Жойкума
Кыя шилтеп Күлчоро
Моюнга салып өттү эле.
Кылыч тийип чоң Канжар
Башы түштү быркырап,
Денеси калып, башы жок
Жаны кетти чыркырап.
«Бел байлаган кытайдын
Белин эми сойдум» – деп,
Мына ошондо кан ичер
Баса калып Канжарды
Кагышка кирсе барсын деп,
Каныкей берген Актинте
Ай балкага салды эле,
Жүрөгүндө кара кан
Кочуштап жута салды эле,
Ай төбөдө айдар чач
Алып кесип ийди эле.
Чоролук түрүн жоготуп,
Сакчы киймин кийди эле.
Күрсүлдөгөн Канжардын
Өзү болуп кийинип,
Күүгүм кире, күн бата,
Калайык уктап тим жата
Балбан киймин кийди эле.
Баатыр тууган Күлчоро
Манжуу кытай көп колун
Кароолчуча кийинип,
Сан колду жарып жүрдү эле.
Балбаны бар, алпы бар,
Мына баатырлары жалпы бар,
Албан түрлүү калкы бар.
Олжо тийсе, кытайдын
Кайтарттырып койдурган
Бу капырдын салты бар.
Улуктары, шерлери,
Кайтарган экен Буурулду
Албан түрлүү эрлери,
Буурулуңдун бутуна
Алтын чидер салдырган.
Айландырган темир тор,
Тегереги чуңкур ор.
Кырк эки курчап алыптыр,
Кыжылдаган калың кол.
Ал Буурулдун жанында
Күдөрүдөн чылбырдан
Мыктуу чылбыр тактырып,
Ардай болгон Буурулга
Болоттон така кактырып,
Төө көтөргөн чоң балбан
Акаярга бактырып.
Эл көрбөскө жайлатып,
Онжоңдогон каранды
Оолак жайга байлатып.
Кытай кийимин кийинип,
Кызыктыгы мынчалык
Кызыр чалган Күлчоро
Өзү жалгыз, кыргыз жок
Өткүрлүгү ушундай
Өлөм деп айткан капа жок.
Шибе журтка барганда
Шибече сөздү салды эле,
Шибе журту жарданып,
Аңтаң калып калды эле.
Солонуна барганда
Солон каны Солоба
Айбаттанып күүлөнүп,
Солоба канча сүйлөнүп.
Мунун колун таркатып,
Минтип жолго салды эле.
Калмагына барганда

www.bizdin.kg



Калмактарча калдырап,
Мындан чоро өттү эле.
Кытайлардай кыжырап,
Калмактардай калдырап,
Кытайларча балдырап,
Кол таратып, жол ачып,
Буурулду көздөй жол басып,
Тилек тилеп Кудайдан,
«Буурул тийсе, көрсөм» – деп,
Мылтык атып, жаа тартып
Былчылдашып өлсөм – деп,
Тилеги мындай чоронун:
«Буурулду минип чыр салып,
Белди бекем буусам деп,
Арбуурулду минсем деп,
Каканчылы Бээжинди
Какайлатып кытайды
Сапырып айдап турсам деп.
Адам угуп, көз көргүс,
Дүмөктү чогуу салсам» – деп,
Буурул атты алууга,
Бузукту чогуу салууга,
Саргара кууп артынан,
Буурул аттын дартынан
Бурулбай жакын барды эле.
Жакын барып караса,
Караңгы жайда багылуу,
Кабыландын Буурулу
Он эки чылбыр тагылуу.
Онжондогон чоң Буурул
Аза күтүп жаныбар
Кордук көрүп жайлалуу.
«Кокустан качып кетер» – деп,
Бекитилип байлалуу,
Тегереги шер коргон
Кырка кароол эл толгон.
Эчен азап туулуу,
Эки кулак буулуу,
Күлчоро түрүн көргөндө
Окуранып жер басып,
Онжондогон жарыктык
Кулактарын жапырып,
Кадимкидей жер чапчып,
Чапчып жердин топосун
Асман көздөй сапырып,
Бошонууга көз жайнап,
Кара болот ооздук
Карсылдата бек чайнап.
Буурулдун жайы ушундай –
Бошончу болсо Буурул ат
Учканы турат зуулдап,
Качкан турат жөн эле
Каркыраны алкымдап,
Мына ошондо Күлчоро
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Атасы Алмаң бүгүн күн
Көз алдында өлгөнсүп,
Ушул бүгүн көргөнсүп.
Ата ордунда Буурулду
Көзүн көрүп токтобой,
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Кабырганын кашаты
Кат-катынан сөгүлүп,
Ителгидей кара көз
Ирмесе, жашы төгүлүп,
Каарланып жол бүтөп,
Кан атам Манас колдо!» – деп,
Каңырыгы бек түтөп.
Өлөмүн деп кенебей,
Түбү манжуу калың кол
Бучкагына теңебей
Кудай таала эрдикти,
Эптүүлүктү, шердикти
Берген экен ченебей.
Жайнаган кызыл чок экен,
Жоо жагына камдалган
Атса болот ок экен,
Жан жараткан мендеде

www.bizdin.kg



Күлчородой жок экен.
Себил тону – сексен төрт,
Сезгенбеген карандын
Серп алганы – кызыл өрт,
Кадикер тону канча төрт,
Бу кара саат баланын
Кармашканы – кызыл өрт.
Мендеде мындай болобу,
Бу Шай колдогон көкжалды
Муну кем айткан киши оңорбу!
Сулуулугу, шердиги,
Душманга балбан эрдиги
Арслан Алмаң көкжалдан
Артылып түшкөн шер экен.
Бул кыргызга туулган
Темир короо чеп экен.
Душман ашып түшө албас,
Капчыгай каңшар бел экен.
Душман бузуп алгысыз,
Орнотулуу чеп экен.
Арбуурулга жакындап,
Асыл чоро барганы.
Ат кайтарган сакчынын,
Кароолчунун, тыңчынын
Ошондо чыкты далдалы,
Акылынан ажырап,
Шашып жүргөн балбан көп.
– «Улук канжар келди – деп,
Чоро экенин биле албай
Качып жүргөн балбан көп.
Чыйраксынган сакчылар,
Кулап жатат сырайып,
Кароолдо канча балбандар
Өлүп жатат тырайып.
Сакчылардан бир тобу
Денеси калып, башы жок,
Аралады Күлчоро
Күл-талканын чыгарып.
Баскан изи чаң болуп,
Кылычтын баары кан болуп,
Арсландыгы көрүнүп,
Кезиккен каны төгүлүп.
Балбандыгы, шердиги
Манас канча көрүнүп.
Түп атасы түгөл кан
Түбүнөн Кыдыр даарыган,
Дүмбекинин тукуму.
Өлүм десе сүйүнгөн,
Эр-шерлиги билинген,
Кезигип кытай көп манжуу
Быт-чыт чыгып белүнгөн.
Сулуу жүзү суюлуп,
Султан шердин өзүнөн
Кыпкызыл кан куюлуп,
Ардай болгон Буурулду
Чап суулуктан алды эле.
Бу колунда баатырдын
Алтын жаак айбалта,
Айбалтаны таянып,
Асылың кайдан аянып,
Буурул аттын көкүлүн
Кур-кур куп жыттап,
Куркурата бек жыттап,
Айбалта кармап имерип,
Төрт бутунда чидерди
Быт-чыт кылып жиберип.
Ардай болгон Буурулду
Ата ордуна дос кылып,
Онжоңдогон карандын.
Төрт аягын бош кылып,
Аттай, төөдөй кара таш
Айландыра жыйылуу.
Буурулдун эки кулагы
Тасма менен буулу.
Көздүн жашын имерип,
Көргөн жанга чоң дүмөк
Кулагын чечип жиберип,
Онжоңдогон карандын

www.bizdin.kg



Ооруган жерин басты эле,
Умачтай көзүн ачты эле.
Шукшурмалуу ак чылбыр –
Кара саат Бууруулга
Кадиктеп кылган чак чылбыр.
Он эки экен чылбырдын
Он бирин кыя чапты эле,
Онжоңдогон карандын,
Ушунтип көзүн ачты эле.
Бошогондо Буурул ат
Буудандыгы белгилүү
Кол ичинен суурулат.
Айтайын десе тили жок,
Айбандан эстүү жаныбар.
Ар кимдин сүйгөн малы бар.
Окуранып болкулдап,
Казы алуучу боор эт
Касасында солкулдап.
Олоңдогон Арбуурул
Колдон бошоп кутулуп,
Башта олжого келген тутулуп.
Ошо күндө жаныбар
Ээгин артып чорого
Ыктап турду Буурул ат
Окуранып, солкулдап
Жыттап турду Буурул ат,
Буурулдун түрүн көргөндө
Канеткенде жан чыдайт,
Карып болгон эмеспи.
Эрки менен от жебей,
Арык болгон эмеспи.
Айбан минтип турганда
Менин жаным кандай бек,
Көкжал тууган чоронун
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Ата ордуна кармаган
Арка кылган Буурул ат
Көздүн жашы төгүлүп,
Буурул минген Күлчоро
Муң көрүшүп туруптур,
Жан көрбөгөн чоң мүшкүл
Шум көрүшүп туруптур.
Бекер эмес, калп эмес,
Чын көрүшүп туруптур,
Ак бөкөн кайып кылындай
Суурулушуп туруптур.
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп туруптур.
Кайыбынан бул экөө
Кезигишип туруптур,
Тула бою өрт жалын
Эзилишип туруптур.
Капчалдан чыккан булактай
Жошулушуп туруптур.
Бириси адам, бири айбан
Кошулушуп туруптур.
Кеп сүйлөшпөй жыттташып,
Муң чечишип туруптур.
Аалам көрбөйт мындай иш,
Шум чечишип туруптур.
Асманда чолпон жылдыздай
Ириктешип туруптур.
Бирөө суулуктан кармап буркурап,
Бирөө денеден жыттап зыркырап,
Экөө минтип турганда
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Бул экөөнө таң калып,
Караган жандар баары ыйлап,
Ыйлаган жан макулук
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Тал менен кайың, теректер
Мөмөлөрү ийилип.
Күлчоро менен Буурул ат
Ажырашпай сүйүнүп,
Ичке жолду төтөлөп,
Темирлеген торунан,
Терең казган орунан,
Кайнатып койгон шорунан,

www.bizdin.kg



Күрмөчөсүн күлдүйткөн,
Күчтүүлөрдүн колунан
Жаккан отун өчүрүп,
Жабылта салып дүрбөңдү
Алып чыгып Буурулду.
Мына ошондо Күлчоро:
«Жердегениң Таласка
Кетчи болсоң жаныбар.
Кутулттум душман торунан,
Өлбөсөң, жеткин жаныбар,
Абам Семетейдин колуна.
Мундан кийин манжууга
Карматып койсоң жаманат,
Атадан жалгыз туулган
Айкөлүмө аманат» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Шыпырып алды жүгөндү.
Шыртылдаган Арбуурул
Маралдай башын көтөрүп,
Семетей көздөй бет алып,
Чымчып оттоп, чөп чалбай,
Чык эткизип суу ичпей
Айып болду Буурул ат,
Төрөсүн көздөй бет алып,
Кайып болду Буурул ат.
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Тилегине, көөнүнө
Жеткен экен Буурул ат.
Таластагы төрөгө,
Акканкысын кучактап,
Арбайып калган немеге
Кеткен экен Буурул ат!
Куйрукту алып сыртына
Айып болду Буурул ат,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча
Кайып болду Буурул ат.
Адыр-күдүр мойноктон
Ашкан экен Буурул ат
Бөрү жүрбөс бөксөнү
Баскан экен Буурул ат.
Түлку жүрбөс түзөңдөн
Өткөн экен Буурул ат.
Тилеги бирге шерине,
Бир Семетей эрине
Кеткен экен Буурул ат,
Түпкүч бели чоюлуп,
Туягы тийсе кара жер
Туш-тушунан оюлуп.
Кайыптыгы көрүнүп,
Ирмегенде кара жер
Мына туш-тушунан бөлүнүп.
Семетей көздөй бет алып,
Айып болду Буурул ат.
Ачып көздү жумгуча
Кайып болду Буурул ат.
Көкүлдү көккө зыргытып,
Туякты жерге мылгытып,
Баскан жери быркырап,
Жолум үйдөй чоң даңкан
Бута бою Буурулдун
Ал үстүндө чыркырап.
Туяк туура тийген жер
Кемегедей оюлуп,
Сүрүлүп туяк тийген жер
Кол арыктай жоюлуп,
Туякка тийген кара таш
Оттук болуп чагылып
Чын жаралган төрт туяк
Чакмак болуп кагышып,
Араандай ооз ачылып,
Жолум үйдөй ак көбүк
Көкүлүндө чачылып,
Буудандыгы билинип,
Каршы келген капчалдан
Бурулбай аттап түйүлүп,
Колу кыска, өзү зор,

www.bizdin.kg



Аркасы бийик, зээри бас.
Анык кайып Буурул ат.
Тилегине момундай
Жеткен экен Буурул ат.
Төрөсүнө, шерине
Кеткен экен Буурул ат.
Качып кеткен Арбуурул
Аны мындай таштайлы,
Кол ичинде Күлчоро
Мына, кыраандан кабар баштайлы.

Кытайлардын колунун ичинде Күлчоро аралап бараткганда Акаяр Күлчорону ат үстүнөн жем баштыктай кылып артынан кучактап, ат үстүнөн көтөрүп алып, бир тоону көздөй көтөрүп кеткен жери. Ошондо Күлчоро ушул дөөгө алым жетпей калды деп, зарлап ыйлап турган жери, ал эми ошондо Акаяр өзүнүн кыргыз экендигин, Жамгырчынын иниси экендигин билгизип, ошону менен кыргызга кантип кетээрин билгизип, Күлчорого айтып турган жөө жомогу.

Колду кырып Күлчоро,
Туюкту бузуп, жол салып,
Турду кытай, манжуулга.
Кырып-союп, кол салып.
Ат көтөргүс алп өлүп,
Албан түрлүү калк өлүп,
Эрен кулап, боо түшүп,
Ат өлүгү тоо түшүп,
Кагыш болуп турганда
Көкала тулпар ат минген,
А тулпардын куйругун
Асемдетип чарт түйгөн,
Көпкөк темир тон кийип,
Көкала айза колго алган,
Аалам жарган балбандай,
Калк бийлеген зарлардай,
Чалкактуу кылыч жөлөгү,
Чабак экен байкасам
Акаярдан бөлөгү.
Кармаганы жолборстой,
Кагышкан аман болбостой,
Муздак жели шамалдай,
Качырганы камандай.
Келиштирип ат минген,
Кеңирээк жасап тон кийген.
Карагайдай айза алган,
Ар жарагын байланган,
Кырыша кетсе, ал кеткен,
Кыймылдаса, жан кеткен,
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Абайласаң дүмөктү
Акаярдын көзү экен.
Камынышы жолборстой,
Катылган аман болбостой.
Омуроого тактырган
Жолу болгон капырдын
Жоругун көргөн жактырган.
Көөхардан топчу муштумдай,
Артык экен Акаяр
Көрсөң түрү момундай,
Кийген тону көк темир –
Бир жеринде тешик жок,
Боо кабылтты кудурет
Күлчородо кешик жок,
Киймин, тонун карасам,
Эл аманын каалacам –
Толук бою топчулук,
Толтойюңку кызыл бет
Көпкөк темир үпчүлөп,
Камбылдыгы момундай,

www.bizdin.kg



Акаяр түрү момундай.
Каарына тийгенди
Өлтүрүп жерге жанчтаган,
Төөнү жаза муштаган,
Алышкан жакка бет алган,
Кечилдин каны Калчаны
Бир колу менен көтөргөн.
Кең каканчы, Бакбурчун –
Балбаны ушул бу журттун.
Белиндеги таңуусу
Ок өтпөгөн Калчанын
Бул омуроодо жазуусу.
Кабарыңда бар бекен
Алтымыш жайсаң кенжеси.
Алөөкөнүн эркеси
Чоң-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган.
Калдайдын уулу капырдын
Кан Коңурбай баатырдын
Бел байлаган кара кыр
Бели Акаяр эмеспи.
Бээжин журтка жалгыз тең
Шери Акаяр эмеспи.
Коңурбай экөө биригип,
Каратып эчен калкты алган,
Талкалап эчен алпты алган.
Алгара менен көкала
Ушул экөө баспаган,
Жерде бүтүн калбаган.
Кырк кандын журту кытайда
Экөө бузук кылбаган
Элде бүтүн калбаган.
Акаяр менен Коңурбай
Экөө шумдук кылганда,
Каарланып турганда
Болоттуу айза аштаган,
Ою келсе баштаган,
Чын жинине тийгенди
Чымынча кырып таштаган.
Кырк уруу кытай чуу туруп,
Кайран жандан түңүлүп,
Бузулуп кете таштаган,
Акаяр жайы момундай
Кутургур жайы сонунбу
Болот айза көөлөгөн,
Кулак угуп, көз көргөн
Элдин баарын ээлеген,
Жадаалын салып Акаяр
Жамынчысын жамынып,
Жай-жарагын салынып,
Чорону көздөй бет алып,
Келе жатат камынып.
Түмөн балбан, сан калдай
Баарынан мыктуу Акаяр
Баатырлыгы момундай.
Акаяр жайын сураба –
Толкуп кетсе жөн эле
Тоо туруштук бергисиз,
Токсон милек жоо чыкса,
Бирөө жакын келгисиз.
Эңчегер бойлуу, кең далы
Эрдик жайы мына бул.
Аркасынан чорого
Ал Акаяр жетти эле
Жоо-жарагын баарысын,
Капшыра кармап каруусун,
Азап менен мүшкүлдү
Ал Акаяр салды эми.
Жем баштыкча көкжалды
Аттан тартып алды эле.
Көөдөнгө салды көп санаа
Бузулдубу көргөн түш,
Урууда болбойт мындай иш.
Көкбөрү тартты Акаяр
Ушундай болду мүшкүл иш.
Былкылдабай төп кармап,
Кучакка кысып бек кармап,
– «Алмамбеттин арсланы

www.bizdin.kg



Олжо болдуң» – деп кармап.
«Астыда тулпар малым бар,
Алтымыш жерге кирсең да
Серпишсең, чоро, сендейдин
Сексенинче алым бар».
Былкылдатбай төп кармап,
Кыймылдатпай бек кармап
Тоого жүрдү Акаяр,
Кара каңшал капчыгай
Зоога жүрдү Акаяр,
Шер аталган чорону
Коен сындуу бөктөрүп,
Тоого жүрдү Акаяр
Мунарык болуп бурчтанган,
Мунарыктап урчтанган
Адам жүрүп, жан баспас
Жолго жүрдү Акаяр.
Колдо чоро чыркырап,
Алмамбет уулу чоронун
Чылгый ичи өрт-жалын
Чыдай албай буркурап.
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Алмамбет уулу Күлчоро
Көп ардыгып бул ишке
Көзүнүн жашы он талаа.
Өлөйүн деп өлө албай,
Өзүнө өзү таарынып,
Өз жанын өзү кыялбайт.
Каарланып күйүнүп,
Кайран жандан түңүлүп.
Туйласа, түшпөй колунан,
Чырмап алган торунан
Кутулбас болду Кулчоро,
Акаярдын колунан.
Мына ошондо Күлчоро
Каарланып сабылып,
Катуу мүшкүл иш түштү
Өзүнө өзү таарынып.
«Бу көрөкчө өлсөмчү,
Туулбай туна чөксөмчү,
Бул иттигим билсемчи,
Алмамбеттен куулбай,
Беризаада, бейтаалай
Аруукеден туулбай,
Тигимен жерге кирсемчи.
Асыл атам Алмамбет
Аркамда тукум дедирбей,
Иритип салса болбойбу.
Беризаада энекем
Менде деп мени көтөрбөй,
Чиритип салса болбойбу!
Ааламды бузган шер кылдың,
Арыслaндай эр кылдың.
Кармалаша кеткенди
Кара жер менен тең кылдың
Каршылашкан душманга
Кан агызып, сел кылдың.
Бир кытайга ал жетпей,
Адам деп мени жаратып,
Кара жер менен тең кылдың.
Чымын жан кетип өлбөдү,
Чын ушунтип жүргүчө
Көр азабын көрбөдүм.
Кеширим тоодо бөлүм ак,
Адам алсыз болгуча
Тирүүсүнөн өлүм ак.
Чабал кылып койгуча
Кыргызга сөөгүм артсамчы,
Көкбөрү кылбай жараткан
Аманатың тартсаңчы.
Бузук сөз айтсаң кээ болот,
Минтип жанды жаратпай
Жасабай койсоң не болот!
Ата, жалгыз келдим кытайга,
Белеске чыксам бараан жок,
Белгилүү кыргыз караан жок.
Жыбыратып жылдызды
Ай-асманга тараттың.

www.bizdin.kg



Жалгыздык иши ушундай
Ээ деп, Кудай жараттың?
Канчоро менен Семетей
Карааным эки абам жок.
Айгайды катуу салуучу
Кызыл канга боенуп,
Ажыратып алуучу
Сары кан, Бакай абам жок.
Айла тапкыч акылман
Байгамбар сындуу Бакай ал
Алыска чуркар буудан жок,
Аталаш жакын тууган жок.
Түшүп кетсе чыгалгыс,
Ор түбүндө өлөмбү?
Кыймылдаса былк этпей,
Кол түбүндө өлөмбү?
«Буруттан келген баатыр» – деп,
- Бузук дүмөк кеп салып,
Журт кыйраткан каапыр» – деп,
Бу кутурган Акаяр
Капырды Кудай алат, ээ,
Таш сайынган кан төрө
Тазасынын алдына
Тартуу кыла салат, ээ,
Алөөкөнүн Коңурбай
«Атасы арам доңуз» – деп,
Капкайда кегин алат, ээ!
Эки колум тең байлап,
Эки көзүм тең чукуп,
Кол байланып, шор кайнап,
Бирлик кетип, көз жайнап,
Чылгый ичим өрт болуп,
Арысландай чамынып,
Мүшкүлгө минтип кабылып,
Балааны минтип көрөм, ээ,
Ит ордунда өлөм, ээ,
Ичсе канга тойбогон,
Жоо көрүнсө жойлогон,
Кара суугa кан куйган,
Өлөңдүү жерге өрт койгон,
Тай-кулундай тебишкен
Тар төшөккө жатышып,
Талашып эмчек эмишкен
Берен абам чоң айкөл
Белестен карап турсачы,
Балбан экен Акаяр
Анан эрлик кылсачы.
Атасы Чубак кыраандан
Артыла тууган шер эле,
Өзү кара ниет неме эле.
Ал кыялы болбосо,
Жаралган жандан шер эле.
Айзалашып сайышып,
Өлбөгөн жерден калышып,
Ажыратчу неме эле.
Ушундай белең дүйнө бок,
Каранын аскар зоо окшоп,
Канчоро абам дагы жок,
Жалгыз колго кармалган
Күлчоро кулдун багы жок.
Текечи кан, Шыгай кан,
Эштектердин Жамгырчы
Белге таңуу эрен жок.
Эки колум байлоодо,
Эки көзүм жайноодо.
Колго түшүп, көз жайнап,
Кутулалбай, шор кайнап,
Өрттөнгөндөн күйүндүм,
«Өлдүм – деп жандан түңүлдүм.
Чама чарчап, алым жок,
Чалкайган төрт кан каным жок.
Каз айланган зоом жок,
Каргылы кара тоом жок.
Ушундай белең дүйнө бок!
Кытай милек, мен жалгыз
Кызык мүшкүл тозокту
Көргөнү келген экенмин.
Кызыл Буурул ат издеп,

www.bizdin.kg



Кыйын мүшкүл тозоктон
Көргөнү келген экенмин.
Туткун болуп балбанга
Өлгөнү келген экенмин.
Айгыр-Жалдын жолунан,
Акаярдын колунан,
Үкүрчүнүн боюнан,
Үч-Капкактын боюнан
Өлгөнү келген экенмин.
Бакыр болуп байландым,
Байкуштугум сында жок.
Кара чепкен, ак калпак
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда кармашса
Кабылан сындуу жойлогон.
Ичсе канга тойбогон,
Алышса жанды койбогон
Кабылан кыргыз элим жок».
Деп, ошентип, Күлчоро
Арманын айтып болкулдап,
Чылгый ичи өрт-жалын,
Чыдай албай Күлчоро
Чын кордукка бөлөндү.
Эчки-Өлбөстүн тоосуна
Токсон тоонун урунуш,
Тогуз суунун куюлуш,
Аңырайган капчыгай
Акаяр чыкты төтөлөп,
Онжондогон Сур атты
Оң жагына жетелеп.
Аса-Таштын оюна,
Таш-Мазардын боюна
Алып келди Акаяр.
Аңырайган капчыгай,
Капчыгайга токтоду.
Тулпарларды жайдактап,
Ээрин алып баймактап,
Байлап салып Акаяр
Качанкы дартын жоктоду.
Жайына коюп чорону
Бала каздай баркылдап,
Жаңылбай сүйлөп таркылдап,
Илгеркисин жоктоду.
Мына ошондо Акаяр
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Албан түрлүү кеп баштап.
«Бүгүн өзүң Күлчоро,
Күлчором эмес, эр чором,
Эрендик жөнүң бир башка,
Ааламды бузган көйкашкам!
Сандыргалуу сай кашкам,
Жалпы кыраан бир башкам.
Ушул бүгүн Акаяр
Жолдон шерим табылып,
Менин козголуп турат жүрөгүм,
Менин ардактуу шерим табылып.
Менин үзүлгөнүм уларым,
Чачылганды жыйнарым,
Өчкөнүмдү тамызып,
Өлчү жаным тиргизчи!
Балам, агаңыз болот Акаяр
Мен арманым айтам бир далай.
Күлчоро, сенин өзүңдү
Мындан мурун балбандан,
Албан түрлүү жандардан.
Кырк уруунун калкынан
Кытайлардын алпынан
Мурунтан сурап билгемин.
Баатырыма, шериме
Ай-ааламды буй кылган
Арыслан сындуу эриме
Кезиксем деп жүргөмүн.
Эми баатыр чором угуп тур,
Бүгүн саа ырдап айтам ырымды,
Бүгүн саа ымандай айтам сырымды.
Бүгүн Капка-Ташка токтоттуң,
Бүгүн каралдым тийип колума

www.bizdin.kg



Качанкымды жоктоттуң.
Эреним айтам кебимди,
Бүгүн түп көтөрө айтайын
Куйкаланган Бээжинди.
Балам, калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Урунуп заман акырга
Кармалдым Калча капырга.
Кечээ он алтыга келгенде
Ордо бузуп, олжо алып,
Ээрчигеним Эр Кошой
Оорчун журтка кол салып.
Кечээ Алты-Шаар, Кең-Кашкар
Аны камап турганда,
Абакем Кошой жанымда
Көөнө-Турпан, Кең-Барбар
Мунун көчүк жагын кырганда,
Ошондо асманга учуп топурак,
Аскер кайнап топурап,
Кармашпаган эр калбай,
Кагышпаган жер калбай.
Бек бекиген Бээжиндин
Белин ашып жанашып,
Манжуу каны Эзкара
Бу балакет менен салышып.
Ай караңгы түн болуп,
Арбын дүмөк күн болуп,
Кичи-Бээжин, ал Дыңша,
Кара курттай капырдын
Алп дөөлөрү бир мунча.
Бет алышып турушуп,
Бейпай тартып урушуп,
Алпы менен арбашып,
Албан түрлүү кармашып,
Кошой кан уруш салганда
Эрени бар, каны бар,
Уялаш агам Жамгырчы
Эштек каны дагы бар.
Кан жээни Жүгөрү,
Кан билердин баары бар.
Дыңшаны чалып жанашып,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Адам өлгөн чоң дүрбөн
Болуп турган кезимде,
Кечээ куртча каптап көп кытай
Толуп турган кезинде
Кытай илек, кыргыз аз
Кечээ болуп турган кезинде
Ал алптардын ичинде
Улугу Кошой сында жок.
Алтайдан анда келе элек,
Арслан Манас мунда жок.
Ажыбай, Бакай кары жок.
Анда Алмамбет, Чубак дагы жок.
Мына буларга жолдош болбогон
Береки Акаяр абаң багы жок.
Ит-Өлбөстүн чөлүндө
Кыргынды кызык кылганда,
Кечээ кытайга казат салганда,
Кырк аркан бою зындандан
Билерик тартып алганда,
Ай-ааламга адам журт
Толуп кеткен кезинде,
Адам көрбөс чоң дүрбөн
Болуп кеткен кезинде,
Албан түрлүү жер көрүп,
Мачанкыр басып жанаштым,
Кара кылган Кошойдон
Балам, как ошондо адаштым,
Балам, акыры киши өлбөсүн,
Менин көргөн кордугум,
Кытайлардын зордугун
Менде ишине бербесин.
Балам, мөңкүсө үзүп чыгалгыс
Торуна түштүм кытайдын.
Канаттуу учуп чыгалгыс
Оруна түштүм кытайдын.
Жалгыз Акаяр абаңыз

www.bizdin.kg



Жапаны тартты караңыз.
Кытай милек, мен жалгыз
Мүшкүл көрүп жайланды,
Жабыла кытай байлады.
Арман толук, сында жок,
Ажыратып алуучу
Абабыз Кошой жанда жок,
Улукмандуу кары жок,
Уруш кылдым бир топ жол.
Уялашым Жамгырчы
Күйөр тууган анда жок.
Кечээ кең Оркондун боюнда,
Кең-Капчалдын оозунда
Кагышканым Каспан-Тоо
Балам, балааны тартып өлдүм го.
Балам, өөдөлөсөм өбөк жок,
Балам, өлөт элем кытайдан
Өзүндөй тууган бөбөк жок.
Балам, чалыша турган чама жок,
Атаңдын көрү, жалгыздык
Кулунум,ушундай экен дүйнө бок!
Кытай милек, мен жалгыз
Кылганым барбы Кудайга
Балам, капчалды бузуп жол салып,
Кажылдаган капырлар
Агаң Акаярга кол салып.
Калмактардан Ороңгу,
Каптап келди бир сан кол.
Балам, кара Жагал Борончу,
Солон журттан Солобо,
Шибээ журттан Музкиндик,
Манжуулардан Эзкара,
Калмактардан кан Жолой,
Тыргооттон чыккан Лама –
Тыйпыл болгон чочконун
Балам, балбандарын сураба.
Кечээ желигип кытай жеткенде,
Балам, кылча койбой куу жанды
Балам, сексен курчап кеткенде
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Жабыла кытай кол салып,
Айландыра тор салып,
Азап кылып турганда
Айланта курчап башымды
Карып кылып турганда
Өйүз-бүйүз турууштум,
Айза менен жетишпей
Мылтык менен уруштум.
Тегиз кытай жеткени,
Астымдагы Телкүрөң
Окко учуп кеткени.
Башыма мүшкүл күн түшүп,
Ичим күйүп, чок болуп,
Тышым күйүп, от болуп,
Доңуз минген чоң Жолой
Ошол келип кармады,
Эзкара колду байлады.
Темир торго салганы,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Тартуу кылып барганы.
Күндөп-түндөп түгөнбөйт
Акаяр абаң арманы.
Көрүп туруп Коңурбай –
Көзү ачык экен доңуз ал.
Карапжы тон кийгизип,
Качырдан ылоо мингизип,
Кулагы темир Кутан алп,
Киндиги темир Китен алп
Алп-дөөсүнө байлатып,
«Буруттан келген олжо» – деп,
Балбандарга айдатып,
Сакчыга жол чалдырып,
Улуңтундун канына
Тегеректеп алдырып,
Сүйлөйт Акаяр абаңыз,
Мунун арыз-арманын караңыз.

www.bizdin.kg



Кытай кармап алганда
Менин эки колум байлоодо,
Эки көзүм жайноодо.
Кечээ мойнума кырчоо салганда,
Кытай каны Кары кан
Кырк эшиктүү Бээжинге
Ошо айдап барганда
Сексен күн тынбай жөө жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Бээжинге айдап барганда
Берен абаң жактырып,
Бээжинде кандын далайы
Аярлары, сынчысы,
Кан алдында турчусу,
Туура айтар сөздүүсү,
Артык ачык көздүүсү
Сыртымдан карап отуруп,
Сынына чогуу толгузуп,
Эр экеним билдирип,
Кары кандын даңзасына чийдирип,
Качыр, керик токутуп,
Зуу деген кудуктан
Ажыдаардан окутуп,
Бээжиндеги коргондо,
Ажыдаардын окуусун
Араң окуп болгондо
Бээжиндин каны Кары кан
Капырдын бейли тарыган.
Өзү кыргыз күнүндө,
Өрттөнүп кеткен бурутуң
Бизге душман зилинде.
Ошондо Кары кан туруп муну айтат,
Билсең жаман шумду айтат.
«Бул Алтайдагы кыргыздан
Айкөл Манас туулган.
Баргандын баарын кыйратып
Кызыталак ал канкор
Салып жатат чуулган.
Кокустан ободон жошулса,
Манас канга кошулса,
Мунун бурутча аты – Акаяр
Мунун бузукусу бир далай.
Бедөнүн чачын өрөсүң,
Беш-алты жылдын ичинде
Өлбөй турсаң буруттан
Бир дүмөктү көрөсүң.
Ал кутурган бурут журт
Күн батыштын соңунда
Ала-Тоону жердеген,
Ал кутурган куу журтту
Алышып адам жеңбеген.
Өнөгүн жанга бербеген,
Сомдуктун суусун бойлогон,
Аны менен согушкан адам сойлогон.
Балбандарын, шерлерин
Кармап келген Акаяр.
Мунун баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча.
Мунун артык түрү жолборстой,
Алышкан адам оңбостой.
Баатыр экен, шер экен,
Кыймылдаса бир жерге
Кыргын салар неме экен.
Айткан сөздү билгиле,
Айлы кыргыз элинен
Ажыратып ийгиле.
Каарды катуу баштаңар,
Кулак угуп, көз көргүс
Жерге айдап таштаңар,
Мунун сүйлөгөн кебин жан билбес,
Элге айдап таштаңар.
Кең Кап-Тоонун бер жагы,
Маңгүбөнүн ар жагы
Бу да кытай жери эле.
Ал жердеги макулук
Каканчынын эли эле.
Адамдан бөлөк түрү бар,
Жалгыз көз калкы дээр эле.

www.bizdin.kg



Тамагына ошол журт
Бака, жылан жээр эле.
Акаяр барса шол жерге
Ылайыктуу эр экен.
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Кан көтөрчү неме экен.
Көөхар таш чыкчу жерине,
Тетиги маңгүбөнүн элине
Айдагыла момуну».
Кандан буйрук келгенде
Калк кеп укпас көтүбү,
Качырдан ылоо мингизип,
Калдай тонун кийгизип,
Эч ким укпай сөзүмдү,
Байлап алып көзүмдү,
Чоң-Бээжинден чыкканда
Үч жыл тынбай жол жүрүп,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Адам билбес сөздүүгө,
Алпарды жалгыз көздүүгө.
Бекитип жолум чеп кылып,
Кетерге жолум бек кылып,
Далай алпты сойгону
Көк букачан Мадыкан
Көмүлгүрдүн дал өзүн
Жол кайтартып койгону,
Далай жыл болду жоголуп,
Ал Мадыкан жоголуп,
Агаң Акаяр иши оңолду.
Ай жоголуп, күн өттү
Жалгыз көздөн чыкпадым,
Абакем Кошой, зор Манас
Мунун не болгонун укпадым.
Быйыл кабарчыдан кеп уктум,
Алгара атта куйрук жок,
Карагулда сакал жок.
Алты миң кытай, сан калдай,
Ошонун ак сакалы Коңурбай,
Кабарга келди деп уктум.
Аскери балбан, жөө күлүк,
Жалгыз көздүн элине
Коңурбай салды чоң бүлүк.
Балбанды тандап алпты алды,
Кутуруп өлгөн бул доңуз
Албан түрлүү калкты алды.
Бил жыгуучу балбаны
Коңурбай каар салганда
Жалгыз көз калкы калбады.
Тутанып өлгөн кутургур
Балбандарды, шерлерди
Шайлап келген экен го
Кабылганды кармар деп,
Кезиккенди жайлар деп,
Кол-колуна тийгенди
Кордук кылып байлар деп,
Бул кутурган Коңурбай –
Жоонун айласын билген доңуз ай.
Тууганым Жамгырчыны өлтүрүп,
Пушман кылган экен го.
Кырандан калган балдарга
Душман кылган экен го.
Айтканым ушул билип ал,
Асылдан калган кыраанын,
Ай, Күлчоро, тилимди ал.
Тилегиң Кудай берер деп,
Акаяр абаң келер деп,
Бабаңыз Бакай карыга айт,
Бүткүл эрендердин баарына айт.
Эртеңки күндө кулунум,
Өлбөгөн жерден калышар
Капыр менен бусурман
Карсылдашып салышар.
Адамдын башы тийишип,
Айзанын башын ийишип,
Өлөр жерин тушташып,
Комокойлуу сыр найза
Коркурата мушташып.

www.bizdin.kg



Үтүрөңдөп калышып,
Эл чуркурап, чуу толуп,
Тирелише келгенде
Ат жекеге салышып,
Балбандарың, шерлериң
Жекеге чыга калышып.
Кан кагышып турганда
Кагылайын Күлчоро,
Кыраандыгың көрөйүн
Ушул кызыталак Калчаны
Кыяматка кетүүгө
Кызык кылып келейин.
Эртең таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Аңгеме-дүмөк курайын,
Коңурбайдын ок өтпөс,
Эзкаранын чок өтпөс,
Ушул экөөн сурайын,
Айтып турган сөзүмөн,
Экөөнүн тонун алганда
Шерлик кетет өзүнөн,
Кыргынды кызык салабыз,
Кылычтап канын алабыз.
Калдайларын камайбыз,
Канчаларын талайбыз,
Өлүмдү өкүм салабыз.
Баатыр а дүйнө кеткен Манастын
Ушунтип кегин алабыз.
Шибээ, манжуу, кытайдын
Сан колуна кирейин.
Алөөкөнүн Коңурбай,
Сырын билип берейин.
Айланайын Күлчоро,
Кытайдан тандап минейин,
Ок жетпеген бууданды,
Сакалымдын агында,
Сапар кетер чагымда,
Эми таап алайын,
Береним, сендей тууганды.
Айласын артык кылайын
Айлалуусун кырайын,
Тууган таап, эл көрбөй
Кантип тирүү турайын.
Кытайдан тандап айза алып,
Опсуз каалап тон кийип,
Онжойгон тулпар ат минип,
Жай-жарагын шайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Кармаш кылчу согушту
Бу Кытайга жайланып,
Жекеге чыгып барайын.
Мен жекеге барганда,
Сен жекеге келе көр!
Кыйкырыкты салып кет,
Кыжылдаган кытайдан
Олжого түшкөн абам деп,
Кыргызга коштоп алып кет!
Мени коштоп алганда
Каарланып бакыргын.
Кытайдан келген тууган деп,
Семетей, Бакай эриңе
Бирөөн койбой чакыргын,
Ажал жетип, күн бүтсө
Белимен кармап бүктөй көр?
Кыжылдаган кытайдан
Азат кылып башымды
Кыргызга сөөгүм жүктөй көр!
Ук, Күлчором, сөзүмдү,
Жамгырчынын Шайымбет,
Жаманда болсо тууганга,
Көргөзө көр көзүмдү,
Билген тууган карыга
Абакем Аяр мындай деп,
Айта баргын, кулунум,
Кыргыздардын баарына!
Аксакалдуу карыңа айт,
Эрендердин баарына айт:
Күлчоро, энөөлүк кылсаң кокустан,

www.bizdin.kg



Эстебей коюп окустан,
Унутуп ийсең жаманат,
Ушул кебим аманат!
Бурулуп уккун сөзүмө,
Ашкере уккун сөзүмдү,
Аба кылгын өзүмдү.
Караан болом, шер болом,
Каканды көздөй кол жыйса
Каралды абаң мен болом.
Мурунтан уксаң сөзүмө,
Аман болсом Күлчоро,
Мура болом өзүңө.
Жөө туман айдачу
Кызыл мунар жел болом,
Мүшкүлүңдү тозуучу
Ак-ала капчал бел болом.
Балам, агаңыз Аяр мен болом,
Кытайдан качып мен барсам,
Кымбатын күтүп сен алсаң.
Жердесек Кең-Кол, Таласты,
Бир тутсак көкжал Манасты,
Балам, коюбуз болсо короолош,
Ашыбыз болсо жороолош
Тирүүлүктө жыйгандаш,
Өлсөк болсок ыймандаш,
Бирликти коюп бир жерге
Бой такашып, баш кошсок.
Ак болоттой ириксек,
Ач арысландай бириксек,
Бизге бармактуу адам батабы,
Бастырып душман келеби,
Жолоп душман тиеби?!
Кең-Таластын Чаткалын,
Кең жайлоосун мен тозсом.
Үч-Кошойдун бөксөсүн
Кабылан бала, сен тозсоң,
Бизге кармашкан аман кетеби!?
Алыш кылсын эчен жыл
Бизге душмандын тиши өтөбү!?» –
Деп, ошентип, Акаяр
Жөө жомок айтып бир далай,
Мына ошондо Күлчоро:
«Болду Акаяр, баатыр деп,-
Айткандарың макул деп,-
Убаданы бек кылып,
Адам өлөр шерт кылып,
Кылычтын мизин жалашып,
Мылтык оозун өбүшүп,
Ага кылып албасам
Айткан шертиң мени урсун!
Алдап кетсең кокустан,
Акаяр абам, сени урсун!
Аба кылып албасам
Сенин арманың айтып барбасам,
Төбөсү бүтө Көк урсун,
Төшү түктүү Жер урсун!
Туугансынып кытайды
Келбей койсоң кокустан
Болду, Акаяр, сени урсун!» –
Деп, ошентип, Күлчоро,
Олжо кылып Буурулду
Аба кылып Аярды,
Кармаш болгон казатта
Күлчоро кылды далайды,
Куткарганы Буурул ат.
Куп тууганы Акаяр
Бала көкжал чоронун
Ички арманы басылып,
Керт кумары жазылып,
Жоголгон Буурул табылып,
Жолу болуп чоронун
Абийри минтип жабылып.
Кырылышты жаңжалды,
Кыйындарды, балбанды
Сойгон экен Күлчоро.
Кыргызга ырыс туулган
Коргон экен Күлчоро,
Артык дүмөк чоң жаңжал

www.bizdin.kg



Салып чыкты Күлчоро,
Ажыратып Буурулду
Алып чыкты Күлчоро,
Кагышты катуу баштады,
Жеке жүрүп жоо жоолоп,
Таш сайынган кытайдын
Тазасын кырып таштады.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүн кырып таштады,
Бул өңдөнүп ким жүргөн,
Кыраанын чоро барында
Кытайга салган чоң дүрбөөн.
Өлсө да болбойт эч арман
Эрен чороң барында
Бээжинге салган чоң жаңжал,
Опол-тоодой калдайып,
Акаяр тартты жайына.
Алмамбет уулу Күлчоро
Баскан жерин уратып,
Куюндатып Сур атын
Абасын көздөй чуратып,
Ажыратып Буурулун,
Абам Семетейге барайын,
Болуп кеткен мүшкүлдүн
Кабарын айта салайын.
Эч болбосо аргындын
Кулатымды жоготуп,
Курган жайды оңолтуп,
Аргын менен кыргызга
Султан болуп калайын».
Кайра тартып жол тартты,
Өзөн-өзөн бел менен,
Өзү көргөн жер менен,
Өзөндү булак суу менен
Жолго түштү Күлчоро,
Элге жүргөн коногу,
Эми айтып берейин
Эр Калчанын жомогун.
Алөөкөнүн Коңурбай
Кабарчыдан кеп угуп,
Ардай болгон Буурулду
Алмамбет уулу Чорого,
Алдырып ийди деп угуп,
Жазайылын шайланып,
Жоо-жарагын байланып,
Түмөн колдон чоочунуп,
Каадай учкан кара атты
Жадаалданып токунуп.
Алты сан манжуу сан калдай
Кайнаган Кытай эл кандай?
Элдин шери Коңурбай,
Ааламды бузган шер кандай
Оозунан туман төгүлүп
Олоңдотуп Кара атын
Ополдой болуп көрүнүп.
Заары катуу эр Калча
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Асман менен жериндин
Ортосунда туручу
Бараанындай көрүнүп.
Сыр канжасын каккылап,
Жазайылын тарткылап,
Теминөрү телпилдеп,
Кол токмоктой кара чач
Айдалыда селкилдеп.
Бетинен заары түктөйүп,
Оңурандап үксөйүп.
Катынын кара баскансып,
Катуу ачуусун салды эми,
Куугуну чукул качкансып,
Кутурунуп алды эми.
Каар салды бакырды,
Калдайларын, шерлерин
Калбай кел! – деп чакырды.
Сакчыларын, дөөлөрүн
Чакырды жаңжал ээлерин.
«Кайгуулга тууган өзүңүз,
Канакей айткан сөзүңүз.

www.bizdin.kg



Дөө болбосоң жерге кир,
Бир алпынды карасам –
Сан кишилик аркың бар,
Буруттан алган олжо эле
Буурул кайда каркыбар.
Ат оюнчу, жөө желдет
Кара курттай калк элең,
Кармашканды кайсаган
Берен кытай калк элең,
Карап турбай Буурулду
Кара көзүң кашайсын,
Калмак болбой жерге кир!
Байлалуу Буурул мал кайда?
Ал Буурулдун кароолчу
Сан калмагым ал кайда.
Колго тийген коёнду
Коё берген оңорбу!
Кыянын баарын чалдырып,
Табылбас Буурул тулпарды
Күлчорого алдырып.
Кыжылдаган кытай журт,
Кыйын мүшкүл иш кылдың.
Каздың калың орумду,
Кайнаттың мынча шорумду,
Кыяптуу жерди чалдырып,
Кыйын Буурул тулпарды
Кыргызга кайра алдырып,
Бузулган экен биздин түш,
Кылымда болбойт ушул иш.
Олжолоп алдык буруттан,
Тулпар Буурул мал кайда?
Эр жөө желдет Чоң канжар
Балбандардан ал кайда?
Чабагы келсе чалдырдың,
Жалгыз чоро качкыңга
Бузулуп кеткен кытай журт,
Буурул атты алдырдың.
Баласын көрдүң минттиңер,
Баатыры Бакай, Семетей
Булары келсе канттиңер?!
Балдарым каныңар,
Кызыталак бурутка
Кайра тартып урушуп,
Кызыл кыргын салыңар,
Кызыл буурул, тайкы жал,
Кыйгачтаган Буурулду
Алдырып ийип бурутка
Кантип тирүү калдыңар?!
Кайра тартып урушуп,
Белгилүүдөн каның өл,
Бээжинге бириң барбастан,
Ардыгыңдан баарың өл! –
Катуу кагыш, чыр салбай
Мени Кудай урабы,
Карматып ийип Буурулду
Кажылдаган капырлар,
Сени Кудай урабы?
Ардактап алган Буурулга
Алтын-күмүш артарда,
Чылабанын канына
Эми алпарып тартарда,
Күрмөчөсүн күлжүйтүп,
Күчтүүлөрү минерде,
Беремжини байланып,
Беш-Бээжинди айланып,
Берендер каалап минерде.
Белгилүү минип бурутту
Ала-Тоодан сүрөөрдө,
Ата, Кытай-Каканчы
Силерди Кудай не урду?
Баатыр элең Акаяр,
Олжо Буурул мал кайда?
Буурул атка кароолчу
Каптаган балбан жан кайда?» –
Деп, ошентип, Коңурбай
Адырайып турганда,
Аласын ала качкансып,
Бирөө ак теңге булун чачкансып,

www.bizdin.kg



Куласын кууй качкансып,
Куржунда булун чачкансып,
Бирөө калдайын кырып салгансып,
Астындагы Кара атын
Олжого тартып алгансып,
Солоонду Кудай эми урду.
Опол-Тоодой Акаяр
Тизеси жерге бүгүлүп,
Көк ала буудан тулпардан
Түшө чуркап жүгүрүп,
Коңурбайдын алдына
Таазим кылып жүгүнүп,
Ар шумдукту карады,
Эр Калчанын алдынан
Ал кара атты сурады.
«Айтканым ушул билип ал,
Арысланым Калча тилимди ал!
Кыргыз жалгыз, биз илек
Кыйын жаңжал баштабай,
Малыбыз түгүл жандардан
Такыр кечип таштабай.
Ай касаба кызыл туу
Айгайлаган ызы-чуу
Бул бурутка баштабай,
Кыйын кыргын баштабай,
Кылча койбой бирөөнү
Такыр кырып таштабай.
Бээжин бер жак жагында
Кирешти деген калаа бар
Мындан кантип өлөбүз,
Кырып салбай бурутту
Бээжинге кантип кетебиз?
Белесте кароол жандарга,
Бээжинде мыктуу кандарга
Кантип жооп айтабыз?
Уруш кылдык алдырдык,
Ушунтип келип калдык деп,
Кай бет менен айтабыз?
Бээжинден чыктык оболой,
Атасы башка буруттан
Кантип куру кетебиз
Бир салыш кылып жолобой.
Бир кызык салбай бурутка
Шашып кантип барабыз,
Алдырып салган немедей,
Анталаңдап буруттан
Шашып кантип барабыз?
Кой төрөнүн баарысы
Көрүп шылдың кылбайбы!
Көрчү Калча сөзүмдү,
Ушул турган Кытайды
Ушунтип Кудай урбайбы.
Уруш кылдык бурутка –
Бурут деген журтка.
Калдайган эчен кан өлдү,
Эчен түрлүү жан өлдү.
Кызыталак буруттан
Айзакерден ыктуу өлдү,
Каролдон эчен мыктуу өлдү.
Баатыр, Алгара берсең минейин,
Талкан кылып бурутту
Ала-Тоодон сүрөйүн.
Ок өтпөс берсең кийейин,
Бул буруттун баарысын,
Бакай баштык карысын,
Кыргын тийген немедей
Кыйратайын баарысын.
Кандарын карып кылайын,
Калтырбай журтун кырайын,
Таласын тартып алайын,
Кызыталак бурутка
Тамашаны салайын.
Алтын түркүк чатырың,
Эр Коңурбай баатырың
Билбепсиң мындай жумушту,
Баштабапсың урушту.
Уламадан уласак,
Билгичтерден сурасак

www.bizdin.kg



Акылдуу кан дечү эле,
Акыл билбей Коңурбай
Чала болгон экенсиз.
Айла таппай ушул жол,
Калчам, бала болгон экенсиз.
Балбанга салбай кабарды
Ушул жолду сен Калча
Сен чала болгон экенсиз.
Сенин жекеме-жеке урушуп,
Турушарың чын болсо,
Бурут менен булкушуп,
Урушарың чын болсо
Чаптырбайсың чабарды,
Мурунтан бербей кабарды.
Мурун кабар мен билсем
Чийбейт белем сызыкты,
Кылбайт белем кызыкты,
Кызыталак бурутка –
Бурут деген журутка
Же ат бороюн сыдыртып,
Аалам журтту кыдыртып,
Мурунтан ойлоп сен Калча,
Алты күлүк ат бербей,
Сазаң-шаңдын шаарына
Акаяр мында келсин деп,
Алакандай кат бербей.
Мен жогумда бурутка –
Бурут деген журутка
Эңдирмек болгон экенсиң,
Эсиң кетип сен Калча,
Жеңдирмек болгон экенсиң.
Анча Акаяр келбесе,
Балбаныңдын баары өлүп,
Шашмак болгон экенсиң.
Эсиң кетип Каканга,
Энтелеңдеп сен Калча,
Качмак болгон экенсиң.
Урруулу Кытай көп журтка
Уят болуп ушул жол,
Жатмак болгон экенсиң.
Баатыр, кечилдин каны сен элең,
Маңгубе каны мен элем,
Сенин шердигиңди билчү эле,
Калың Кытай Какан эл,
Баатыр, саа ишеним жүрчү эле.
Ишенген Калча сен болуп,
Баатыр, карып калган экенсиң,
Сексен ашып, токсонго
Баатыр, барып калган экенсиң.
Эрдигиңден шериңден
Баатыр таныр калган экенсиң.
Баатыр адеме тон берсең кийейиң,
Алгара берсең минейин,
Айгайлатып бурутту
Айлына чейин сүрөйүн».
Акылга дыйкан Калчаны
Шер экенин көрдүңбү,
Айла билгич амалкөй
Эр экенин көрдүңбү?
Каканчыга туулган
Кан экенин көрдүңбү?
Канча акылы башында
Бар экенин көрдүңбү?
Өзү билгич өткөрө
Жан экенин көрдүңбү?
Акырын айтып, бек таштап,
Айлакер калча кеп баштап:
«Ата баатыр Акаяр,
Бере калың Кытай, төмөн кол,
Канча кылдым бөлүнбөйт.
Канкордун уулу чунакты
Эр алар менде көрүнбөйт.
Менин калчалыгым мындан бил,
Эр деген кепке көнбөймүн,
Ээн калган Кара атты
Мен эч кимге күчүн бербеймин!
Бере булуттай учкан бул Кара ат
Бекер куйрук жал эмес.

www.bizdin.kg



Өзүмдүн башка жалгыз жан
Мине турган мал эмес!
Минбей турган себеби –
Ушул Кара ат тулпардын
Кара ат кунан, мен улан
Бармактайда баш кошуп,
Биттей кезде бириккен,
Кенедейден кезигип,
Келберсиген бул Кара ат
Мен Коңурбай болголу
Коңурбай атка конголу
Таш сайынган кытайдын
Тазасы болуп жүргели.
Бутумду артып алчайтып,
Алгараны мингени
Үстүмдөгү ок өтпөс
Бирөө кийген жок эле,
Астымдагы чоң Кара ат
Бирөө минген жок эле,
Кунанында кезигип
Ушул турган чоң Кара ат
Куп багылып ат болгон,
Кырк эшиктүү Бээжиндин
Тагында турган Кара кан
Бул чоң Кара ат айынан
Өз агам сурап жат болгон.
Кара ат кетсе астымдан
Балам, азыр башым кесилет
Жарылып каным төгүлөт,
Колуман кетсе ал Кара ат,
Качан көзгө көрүнөт?
Көп адам сурап чуулаган,
Бир кишиден айрылса
Кайып болот экен деп,
Жезкемпир* көрүп сынаган.
Астымдагы кара атым –
Кара атым менин канатым,
Чындап жиним келгенде
Он сегиз миң ааламды,
Кыргыз турмак кылымды.
Кылым эмес Урумду
Талкандай чалган адатым.
Айтып турган сөзүңө
Акаяр кантип көнөмүн.
Бул Алгара тулпарды
Баатыр, күчүн кантип беремин?
Күчүн берсем Кара аттын
Дөөлөтүм азыр качпайбы,
Кыйла кырсык баспайбы,
Кырымдан түшүп кыргыз журт
Кый далымдан баспайбы!
Кара атынан айрылып
Коң төрө өлүп жатпайбы!
Бул кебиңди ким уксун,
Бир караңгы түн уксун.
Казылган кара көр уксун,
Үстү калың жер уксун,
Ата, ботом Акаяр,
Сөз чалынып илинет,
Алгара күчүн сураса
Сенин бөлөктүк жайың көрүнөт.
Кызыл-тазыл мунарык,
Кыргызга чыксам бөлүнбөйт,
Кыргыздын тийсе колуна
Кызыталак бул Кара ат
Кылчаяр түрү көрүнбөйт.
Айтканым ушул билип ал,
Акаяр балбан билип ал.
Кырк уруу Кытай Бээжиндин
Кыжылдаган сан колун
Азыр жыйып алайын,
Аркы-терки бастырып,
Жашы менен карысын,
Балбандардын баарысын
Чубатууга салайын,
Ок өтпөс тонду шайлайын,
Оо, ботом, ок жетпеген тулпардан
Так эле он сегизин камдайын.

www.bizdin.kg



Кармашарың бурутка –
Кагыш кылсаң Акаяр
Бурут деген журутка,
Малдан ачам баарды,
Өлбөй турсам Акаяр
Кыдыртам эчен шаарды
Кырк кан эли Кытайды
Кылчайтпай жыйып албасам,
Күрмө кийген күчтүнү,
Таш сайынган тазаны
Такыр жыйып сыр кылып,
Бу күлүгүн бербесе,
Бу сөзүмө көнбөсө,
Далайга чыккан карысын
Талкан кылар алым бар,
Бут Бээжиндин баарысын.
Улуңтуңду, кандарын
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Тыйпыл жыйды баарысын.
Күрмө кийчү эрлерин,
Таш белгилүү тазасын
Такыр жыйып бастырып,
Каарланды Коңурбай
Каканчы журтун шаштырып
Манжуу каны Эзкара –
Туу түбүнө турчусу.
Кытайдан чыкты көрөгөч,
Кыйладан кыйын сынчысы.
Мына ошондо Коң төрө
Кызталак жайы ушундай
Кылымды билген чоң төрө
Көк арыслaндай чамынып,
Тулпар сынап камынып,
Туурасынан жабылып,
Кайнап жаткан көп улук,
Чуулганды тулпарын
Чубатууга салды эле,
Деп, ошентип, Коңуруң
Алты ай минсе арыбас,
Аңгек көрсө чураган,
Тотудай куйрук чубаган.
Боору жайык, сырты кең,
Телегейи тегиз тең,
Буура көкүл, капкан бел,
Мына ошондой тулпардан
Чуркаганда карандын
Артынан чаңы бураган,
Мээ кайнаган ысыкта,
Бок жыттанган сасыкта
Былкылдабай чыдаган,
Кетмен туяк, кең соору
Келишимдүү буудандан,
Сопол куйрук, сом туяк
Согушка минчү мыктуудан,
Туталанган кутургур
Туура жыйып алды эле.
Көп балбандан көрөгөч
Ат сыначу ал болуп,
Артыктыгы момундай
Көргөн адам чочуган,
Чоң зыйкырдан* окуган,
Атка сынчы көрөгөч
Ыктуулугу дагы бар,
Эрге сынчу жыластын
Мыктуулугу дагы бар.
Буйрук кылып Коңурбай
Катуу каарды баштады,
Кытай эли чуу туруп,
Бузулуп кете таштады.
Кынжыңдаган тулпардын
Кыл куйругун түйдүрүп,
Аземдетип көкүлүн
Албан түрлүү түйдүрүп,
Чылбырларын тактырып,
Болоттон така кактырып,
Онжондотуп тулпарды
Чубатууга салды эле,
Күрмө кийген күчтүүлөр

www.bizdin.kg



Күлүктөрүн шайлашып,
Таш сайынган тазалар
Тулпарларын байлашып,
Онжоңдогон тулпар ат
Чубатууга салды эле,
Күнү-түнү эки күн
Ат табалбай калды эле,
Манжуу каны Эзкара –
Эзкаранын Чоң күрөң
Туранын түбү таш экен,
Алышкан жоого маш экен.
Тоо-таштан чураткан
Түндүкчүнүн Тору айгыр
Тору айгырдын тукуму,
Тозоңун тоодой бураткан,
Тоо-таш көрсө чураткан,
Беттешкенди сулаткан,
Айзага адис, жоого маш,
Туягы болот көпкөк таш,
Кармашкан жоого болгон маш,
Карасаат Чоң күрөң
Канчага салган чоң дүрбөн,
Кулжа моюн, төгөрөк
Чылбыры тутам калгыча
Чындаган жоого чалдырбас
Чын тулпардын өзү экен.
Арам өлгөн союлгур
Эчен асый кези экен,
Эзкаранын Чоң күрөң
Ушул атты минсин деп,
Көөхардан топчу муштумдай,
Көрсөң түрүң ушундай.
Билге артылуу көк күбө,
Ок өтпөгөн бек күбө
Аркагын болот талдырган,
Ылайыктап согушка
Болот өгөп калдырган.
Балта чапса барбаган,
Айза урганда каранды
Ар жагына жибербей,
Учун чырмап байлаган.
Урушка кийген кишинин
Эч арманы калбаган,
Ичи болот, тышы жез,
Каран калган жыластын
Калыңдыгы жарым кез,
Ичи жибек-атилес,
Атышка кийсе ок өтпөс.
Чынардап сайган багынан,
Какандын алтын тагынан
Жоого ылайык шайлатып,
Жасалган экен бу каран.
Чоң-Бээжиндин шаарынан
Кырк жыл сууга таштаса,
Кыярып чирип оңбогон,
Сексен күнү сайышса,
Асты айрылып койбогон
Тондон мындай болбогон.
Бээжинден чыккан Лыйпы уста
Ошол чиркин оңдогон,
Туш жагында карандын
Бир тешиги болбогон,
Бүчүсүн жибек бурдурган,
Бир тозоку тонуна
Токсон бүчү кылдырган.
Топчулары көөхардан
Торгой көздөп чырмаган,
Мушташкан өлбөй турбаган,
Жарабаса сөктүргөн,
Болот эгеп жиберип,
Туш-тушуна төктүргөн.
Кум майдасын сологон,
Атышкан душман кологон.
Түрү мындай ок өтпөс
Акаярга кийгизди
Бүчүлүгү бир тогуз
Бүчүлүгүн бүчүлөп,
Топчулугу бир тогуз

www.bizdin.kg



Топчулугун топчулап.
Кагышка минер Чоң күрөң
Караган жанды чочутуп,
Отоготтун маржан таш*
Коңурбайдын кырк төрө –
Кырк төрөгө токутуп.
Ат токуган кырк төрө
Бек шамдагай дыркырап,
Согушка берен чыгар деп,
Таазим кылып чуркурап.
Шамдагайлап ат токуп,
Шапа-шупа бат токуп,
Мына ошондо Аярды
Аярга берип далайды.
Ал Акаяр балбандын
Толу боюн топчулап,
Толук жүздүн баарысын
Көпкөк темир үпчүлөп.
Балбандыгын билгизип,
Көтөрүп башка кийгизип,
Көтөргөнү көп балбан,
Бурутка сал деп чоң жаңжал.
Кагышканын карма деп,
Кармашканын жайла деп,
Кол ичинде кентунду
Мунда жайнап эл турду.
Кызыталак бурутка
Акаяр жеке барар деп,
Бек кырылыш жаңжалды
Ал бурутка салар деп.
Жай-жаракты тың берип,
Жоо-жарагын мол берип,
Алты миң кытай, сан калдай,
Ал жоонун ак сакалы – Коңурбай,
Акаярга кол берип,
Коңгуроо белги кагылып,
Калың кытай чуу туруп,
Сыбызгыны тартышып,
Ал Акаяр балбанга
Кошоматын айтышып.
Кыймылдабай Аярдын
Дегенине көнүшүп,
Жай-жарагын аябай
Акаярга беришип,
Барабандар бакылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Кернай-сурнай тартылып,
Жекеге чыкчу Аярдын
Чоң эрдиги айтылып,
Мына ошентип Акаяр
Жоо-жарагын кийди эле,
Чоң күрөңдү минди эле,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети,
Көк сеңирдей көрүнүп,
Алдыңкы эрди калбайып,
Калдайчынын кабындай,
Көз үстүндө кирпиги
Букарлыктын шабындай.
Муруту чөлдүн камыштай,
Бет алышкан жоо болсо
Беттешпей кантип калуучу,
Беттешкендин баарына
Бек кыргынды салучу.
Калмак өтүк көк жөөкөр
Ал бутунда чойкоюп,
Алышка балбан эркулдун
Короздой мойну койкоюп.
Оозунан чыккан жел
Капчыгайдын желиндей,
Караанын көрсөң сеңирдей
Чапчыганы жолборстой,
Алышкан аман болбостой.
Чоң мурунy сеңирдей,
Эр кайраты темирдей.
Эңишке ыктуу шер экен,
Бүткүл Кытай ишенип.

www.bizdin.kg



Өзүмдүн кишим дээр экен.
Дыдары бөлөк, заары күч,
Катылганды кылат түз.
Алтымыш балбан, кырк төрө
Арбайтып атка мингизди.
Арбайып атка минерде,
Бет алып жоого жүрөрдө,
Ошондо жетти Коңурбай
Коңурбай жайы момундай
Мына ошондо Коң төрө,
«Дегениңе көнөмүн,
Бул Бакбурчун шаардын
Кандыгын саа беремин,
Калкыма кабар саламын,
Кырып берсең бурутту,
Ушул бурут деген журутту
Алтын таажым кийгизем,
Алтын такка мингизип,
Ордолуудан кан кылам,
Сени мен орунтуктуу жан кылам.
Сенин аярлык атың жоёмун,
Чоң төрө атка коёмун.
Бу кызыталак буруттун,
Бу бурут деген журуттун,
Бу керишип көрдүм Семетей,
Телегейи тең экен,
Атасы Манас канкордон
Артыла туулган эр экен,
Касташып адам келеби,
Бу жолтойду кармашып адам
жеңеби?
Толкуп өткөн жерине
Тоо турuштук бергисиз,
Беттешип адам келгисиз,
Ээ, капырай бөөдө экен.
Же Алмамбет уулу Күлчоро
Ааламдан өөдө экен,
Ак маралды кубалап,
Уй кылучу уул экен.
Кырк уруу Кытай – Каканчы
Бары-жогун кубалап,
Кыргын салчу эр экен.
Белеске бүткөн бел экен,
Мендеден артык шер экен.
Кызыталак Күлчоро
Ат тизгинин жыйгыдай,
Каканчы журттун баарысын
Жашы менен карысын
Айдап жүрүп соргудай.
Бу кызыталак чорого
Чапчышып менде барабы,
Чалышкан аман калабы?
Кең көкүрөк шер экен,
Кеткен Алман беренден
Артыгырак эр экен,
Эр Коңурбай зор Калча
Көп күбөнү жамынып,
Көр кайраты ушундай
Көк жолборстой чамынып.
Көкжал шердин өзүнө
Кайыптан акыл табылып,
Бул кара тердик, бурма бел,
Буруксуган кайран шер
Жазайылды салынып,
Жоо жагына камынып,
Кыргыздын эри Акаяр
Кырып бер деп жалынып,
Айланайын Акаяр,
Он алтыда сен келдиң.
Айткан туура сөзүмө,
Кезиктиң менин өзүмө.
Маа келгениң Акаяр
Барктуу болдуң бир далай.
Кашатка салган там кылдың,
Каканчы, Дыңша калаага
Алтын таажым кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Сазаңша журтун билгизип,

www.bizdin.kg



Дыңша журтка дөө кылдым,
Кулак угуп, көз көргөн
Мынча жерге ээ кылды.
Сен келгенде Акаяр
Дарт кумарым чачылды,
Күйүккөн жүрөк басылды.
Канат-куйрук келди деп,
Караса Кудай берди деп,
Ушундай көөнүм ачылды.
Кырк уруу Кытай эл кандай
Кыйыны Калча мен кандай,
Мага кайрат кылуучу
Эрим Аяр, сен кандай!
Бурут менен урушуп,
Бузукту мыктап сала көр,
Мен өлгөндө Какандын
Ээси болуп кала көр!
Каны болсоң Бээжиндин,
Таш салынып так минсең,
Каны болуп журт билсең,
Балам, беттеп адам баралбайт,
Саган душман беттеп баралбай,
Саган эч ким колун салалбайт.
Балам, каны болгун Бээжиндин
Өгүзүң карып өзү өлөт.
Өлгөндүн малын тең бөлөт,
Серкесин сетер көтөрүп,
Мингени ыйык ат болгон.
Зайып албай жөн жүрүп,
Ургаачы менен жат болгон,
Аты кечил элибиз,
Кечилге балам кан болуп,
Журт сурасаң көөнүңүз,
Сен келгени Акаяр,
Каканчыга конуштук.
Асыл энем туугандай.
Алөөкө атам куугандай
Артык тууган болуштук.
Сен келгенде Акаяр,
Кырктай качыр, кырк өгүз,
Кырк атан төө, кырк доңуз
Той кылдырып сойдурдум.
Алмаштырып атыңды
Акаяр балбан койдурдуң.
Жүгүндүрдүм алдыңа
Кыжылдаган кытайдын
Жашы менен карысын,
Жалпы тилиң алдырдым
Бээжиндиктин баарысын.
Акаяр, сенин айыңдан
Тоңдуктун журтун чуулаттым,
Дарт капасы кетсин деп,
Кырмызы көйнөк, айча бел
Кылтылдаган кыздарды
Астың менен чубаттым.
Сынчыларга сынаттым,
Үйдөй болгон чоң буркан
Аса байлап алдырдым,
Артык тууган болсун деп,
Акаяр сенин өзүңдү
Зуу кудукка бардырдым,
Сынчыларга сынатып,
Сырттан атка кондурдум.
Балбандарга мактатып,
Машкерлерге сактатып,
Белеске короо там кылдым,
Бек тууганым Аяр деп,
Бек Дуңшага кан кылдым.
Караан кылган Акаяр,
Сенин балбандыгың башкача,
Баатырлыгың бир канча
Кырк уруу Кытай, Бээжин журт
Жыя турган алым бар,
Сен беттешкенди талкалап,
Кыра турган алың бар.
Атышты арбын сала көр,
Же канкордун уулу көкжалдын
Кармашып башын ала көр!

www.bizdin.kg



Балам, Алмамбет уулу чоронун
Жол үстүнө жара көр,
Алпы-шерин буруттун
Калтырбай кырып сала көр!
Кызыталак куу бурут
Өзү кыргыз тилинде,
Ар качандан бир качан
Аңтарылып өрттөнгүр
Бизге душман зилинде.
Анын атасы Манас зор канкор
Каранды мурун баштады,
Алты миң балбан, эр орго
Атам Алөөкө канды баш кылып,
Тетиги Алты-Шаар союп таштады.
Алыш кылып турганда
Кызыкты чогуу кылыптыр,
Менин алтымыш жайсаң тууганым
Куйкалаңган кутургур
Бирөөнү койбой кырыптыр.
Кароолчумду канымды
Калтырбай кырып барымды
Тартып алган талкалап,
Канча жерде шаарымды.
Чай алучу кенимди,
Алтын чыкчу жеримди
Артык азап бир кылып,
Тал түштө бузуп айлымды,
Тартып кетти эчен жол
Менин ала турган зайбымды.
Акмак кылып элимди,
Кырып кетти бир канча
Жолой, Дөңгө эримди,
Тартып алган бу бурут
Албан түрлүү жеримди.
Арысландай толгонуп,
Арыслан Манас келет деп,
Ошол турган Кытайдын
Жаш баласы ойгонду.
Калдайымды канымды,
Куйкаланган кутургур
Тартып алды шаарымды.
Күчөп уруш бир кылып,
Күчөрүмдү дагы алды,
Күчөп кетип бурут журт
Кытайдан мынча шаар алды.
Көнө-Шаарым талкалап,
Көп балбанды союптур,
Диңкелик шаарын талкалап,
Ала коюп ал шаарды
Бай деген атка коюптур.
Үч күн согуш чыр кылып,
Калдайларым союптур,
Үрепен шаарым жоготуп,
Үрбү деп атка коюптур.
Кызыталак буруттун
Ааламга жеткен атагы,
Абайлачы сен муну,
Атасынын чатагын.
Эски арыктын укуму,
Ошол өрттөнгүрдүн тукуму.
Ушул айланайын, Акаяр,
Балбанымсың, шеримсиң,
Картайганда каралдым
Кара туткан эримсиң.
Кызыталак бурутка
Кыргынды кызык сала көр.
Убалы-сообу болобу,
Ушу турган буруттан
Ушул турган Кытайды
Ажыратып ала көр!
Абайлап көрдүм бурутту –
Бурут деген журутту
Акылманы зор Бакай –
Зорлугу тоонун теңиндей,
Алышчу жоом Семетей –
Ала-Тоонун сеңирдей.
Ээ, кулунум Акаяр,
Күрөштү мыктап сала көр,

www.bizdin.kg



Карыганда Коңурбай
Күлчородон өлүп келди дедирбей
Ээ, кулунум Акаяр,
Мына арсак-терсек Ала-Тоо
Буу кызыталак бурутка,
Бурут деген журутка
Менде чыдаар эл эмес,
Алдырып ийсек жаманат!
Бузулуп кетти биздин түш –
Олжого түшкөн Буурулду
Оо бурутка алдырдык,
Кылымда болбойт мындай иш.
Жаңжуу, шибээ журтумду
Жантайлатсам бөлүнбөйт,
Жанаша кирсе кокустан
Жанакы турган Күлчоро
Жан коёр арам көрүнбөйт.
Улуктарым, шерлерим,
Уруштун жайы ушундай
Урушкула эрлерим», –
Эр Коңурбай муну айтып,
Эстесең кыйын шумду айтып,
Ок өтпөгөн күлдү тон
Акаярга кийгизип,
Опсуз тулпар Чоң күрөң
Акаярга мингизип,
Кабыргалы себилди
Кайра-кайра бүтүндөп,
Жара тартып темирди
Билбегенди билгизип,
Минтип жолго салды эле,
Жер жайнаган жан болуп,
Жекеге чыкты Акаяр,
Ыйбы-Шыйбы балбаны.
Такоолчусу ал болуп.
Асманга учуп топурак.
Адам кайнап топурап.
Алтымыш Кытай, сан калдай,
Ак сакалы Коңурбай
Аралаш ыйлап, чуу туруп.
Жоо-жабдыкты, себилди
Жолумду кармап имерип,
Жолборс сындуу Аярды
Чоң жекеге жиберди.
Жекеге Аяр чыкканда
Кайран неме кантээр деп,
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Кайра аман келсе деп,
Каканчынын көп журтун
Аман-эсен көрсө деп,
Коңурбай турду кайгырып,
Чоң күрөң атын аргытып,
Акаяр чыкты жекеге
Коңурбайдан айрылып
Мына ошондо Акаяр –
Салтанаты бир далай,
Сакчысы бар, шери бар,
Ал Акаяр баатырдын
Жанында алты эри бар.
Уйбу-Шуйбу балбаны
Акаярдын жанында
Кароолчу болуп калганы.
Мына ошондо Акаяр
Колдон чыкты бөлүнүп,
Ата, колоктогон кайран эр
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Жаң-жуңду айдап шайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Калың колдон бөлүнүп,
Арыслан сыны көрүнүп,
Айылга кантип кетем деп,
Муразга кантип жетем деп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Мына ошондо Акаяр
Капка-Ташка көп токтоп,
Качаңкы дартты көп жоктоп,
Баатырлыгы башынан

www.bizdin.kg



Озуп турар бекен деп,
Бала жолборс Күлчоро
Канетсе да абасын
Тозуп турар бекен деп.
Мунун бөлөгү билбес жан эле.
Кечээ, Күлчоро жортуп келгенде,
Буурулду мен бергенде,
Алышкан колу бар эле,
Айтышкан кеби бар эле,
Ошол Алмамбеттин Күлчоро
Тозуп турчу жан эле!».
Деп, ошентип, Акаяр
Жан аябай көз жайнап,
Кан ичмеси бек кармап,
Ээр белдей белести
Эңкейип түштү Акаяр.
Арыландай күйлөнүп,
Албан түрлүү түрлөнүп,
Ээрчиткен алты балбанын
Ээрчитип жүрүп нетейин,
Алтоону катар өлтүрүп,
Айлыма кирип кетейин.
Адам тулпарды минген турарбы,
Тууганга жетпей тынарбы.
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын ээрчитип,
Мени Кудай урарбы?
Уруусу кырк кан Кытайдын
Урушка чыкчу жолдорун
Чалып келди дебейби,
Урушка даңгыл балбанын
Алып келди дебейби.
Асты агарбай калды деп,
Арам санап койбойбу,
Жалынса жанды таштабай
Жанакы чоро сойбойбу».
Деп, ошентип Акаяр
Ат арытып, жер чалып,
Күңгүрөнүп үн салып,
Чымырканып кутургур,
Үйдөй чокмор, балта алып,
Каарланып кайран шер,
Күн карарып батарда,
Элдин асты жатарда,
Ээр белдей мойнокко
Эми жетип конду эле.
Болжолу жок Акаяр
Ошол мойнокко конмок болду эле.
Эрендердин баарысы
Тулпар атты жайдактап,
Кыбыланы баштанып,
Калмак ээрди жазданып,
Алп уйкуну салды эми.
Мына ошондо Акаяр
Кылыч алып карысын,
Кыргын тийген немедей
Кырып салды баарысын.
Айталаада Акаяр
Кызыкты кылычтап салды эле.
Уйбу-Шуйбу балбанын
Кылычтап башын алды эле,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарды эле.
Акаяр жайы ушундай:
«Кытайда жүрүп нетейин,
Кыйрына кирип кетейин,
Калмакка жүрүп нетейин,
Калкыма кирип кетейин!
Кыргызга барып токтоюн,
Бир тууганым Жамгырчыны
жоктоюн!
Эштектерден Акаяр
Эсине түштү бир далай,
Кылычтын мизин майлады,
Кыжылдаган кытайдын
Кыйындарын жайлады.
Өзү жалгыз Акаяр
Көңүлү кетип бөлүнүп,

www.bizdin.kg



Көк капчалдай көрүнүп,
Караган жанды шаштырып,
Астындагы чоң Буурул
Маңкаң-маңкаң бастырып,
Дөңкөңдөтүп желдирип,
Эрте сөзү кеч болду,
Күлчорону көрүүгө
Эр Акаяр баатырдын
Эки көзү төрт болду.
Күлчоро көрсө кетүүгө,
Атбороюн сыдырып,
Адырмакты кыдырып,
Ал Акаяр барды эле,
Аны мындай таштайлы,
Алмамбет уулу эр чоро
Алып барган Буурулду
Ошондон кабар баштайлы.
Семетейдин Арбуурул
Адырмакта, мойнокто
Басып барган кези экен,
Ажыратып Күлчоро
Ал кытайдын колунан
Айбандан эстүү жарыктык
Окуранып токтобой,
Токтоп жерден оттобой,
Сары адырмак кайканда
Ашып барган кези экен.
Семетейге Буурул ат
Тутулган жоодон кутулуп,
Күйүттүн баары чачылып,
Кабактын баары ачылып,
Бугудай мойнун буруптур,
Чапчып жерди уруптур.
Асыл шердин алдына
Айбан да болсо Буурул ат
Жерди чапчып уруптур,
Куланча кулак жапырып,
Курдашын көрүп Буурул ат
Куюндай жерди сапырып,
Көкүлдү көккө зыргытып,
Туякты жерге мылгытып
Жолум үйдөй топону
Жемире басып Буурул ат
Ооздугун каккылап,
Олуп жерди ачкылап,
Көкүлдү көккө зыргытып,
Туякты жерге мылгытып,
Улутунуп бөлүнүп,
Тулпардык сыны көрүнүп,
Туйлап ийсе кара жер
Туш-тушунан бөлүнүп.
Колу кыска, өзү зор
Ардай болгон чоң Буурул
Окуранып тутулуп,
Окоро түйгөн ак чылбыр
Он эки жерден үзүлүп,
Семетейге барыптыр.
Түрсүлдөп жер казылып,
Чатырга топо чачылып,
Түн ортосу мезгилде
Айкөлдөн тууган көкжалдын
Уйкудан көзү ачылып,
Коңуругу басылып,
Умачтай көзү ачылып.
Ата, короздой болгон кайран шер
Колун алып аркага,
Кара-Кырдын жонуна
Кайрылган баатыр конууга,
Ата, талыкпаган кайран шер
Так ошол жайда болууга.
Адырмакты чалдырып,
Алтымыш бугу, төрт кулжа
Адырдан атып алдырып.
Кырк кулактуу жез казан –
Жез казанга салдырып.
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе кайрандар
Эркин ойноп жатышып.

www.bizdin.kg



Алтын түркүк чоң чатыр
Ала аскар тоодой чоң баатыр
Кырк кынап алтын чатырды
Кыйындап жерге кактырып,
Бүт ок дары, жай-жарак
Кара билге арттырып.
Билге жүктөп ок алып,
Кыргыздан тандап ок алып,
Жолу болгон көкжалдын
Жоготкону Буурул ат,
Жоолаганы Коңурбай.
Учурганы Ак шумкар,
Урушчу жоосу Эзкара.
Капа болуп кайгырып,
Атадан калган мурапы
Буурул аттан айрылып,
Көңүлү кетип бөлүнгөн.
Көзүнүн жашы төгүлүп
Атасы Манас айкөл-шер
Азыр бүгүн өлгөнсүп.
Эл чогулуп, калк дүрбөп,
Эми бүгүн көмгөнсүп,
Чыдай албай кайран шер
Чын мүшкүл түшүп кайгырып,
Буурул аттан айрылып,
Муңканган кайран шериңиз
Түн ортосу мезгилде
Айдаганы он төрт ат,
А күндө ыраак байлаган,
Каарды катуу баштаган.
Биттейинде бирге өскөн
Буурул аттан айрылып,
Муңканып турган төрөңүз
Ыргып туруп караса,
Ардай болгон Буурул ат
Окуранып жер чапчып,
Куйрук-жалы суюлуп,
Айтайын десе тили жок,
Окуранып жаныбар
Эки көздөн аккан жаш
Омуроого куюлуп.
Теңиз эрди көргөндө
Тегеренип болкулдап,
Темтелеңдеп Буурул ат
Теңизди көрүп солкулдап,
Куландай кулак бургулап,
Окуранып онжоңдоп,
Тумшук менен ургулап.
Буурул минтип турганда
Чылгый ичи өрт-жалын,
Чыдай албай Семетей
Көкүлүнүн астынан,
Ай маңдайдын өзүнөн
Куркурата куп жыттап,
Айбанда болсо курдаш деп,
Асыл жан менен сырдаш деп,
Талаага жүрсө сабатым
Айбанда болсо Буурулум
Атамдан калган эмеспи,
Айланып учар канатым,
Чылбырдан кармап Буурулду
Чын көрдүмбү деп буркурап.
Чыдай албай Семетей
Сүйүнүп ыйлап буркурап.
Чылбырдан кармап көп ыйлап,
Чын Манастан калган деп ыйлап.
Буурул менен Семетей
Кошулушуп турганда
Сары кан, Бакай кан ыйлап,
Кулак угуп, көз көргөн
Көргөн жандын баары ыйлап.
Ыйлап турган калайык
Кайран башка иш түшсө
Чымындай жанга күч түшсө,
Так ушундай болор деп ыйлап.
Калың кыргыз, көп аргын
Калкы дүрбөп келди эле,
Кан Бакай баштап кыйла жан

www.bizdin.kg



Алпы туруп көрдү эле.
Сары кан, Бакай агасы
Коржоңдогон кокуйга
Булардын кошоматын карачы.
Карыя эрлер кеп баштап,
Акырын айтып бек таштап:
«Ой, кулунум Семетей,
Жоголгон Буурул табылып,
Сенин чоң абийриң жабылып.
Үзүлгөнүң уланып,
Чачылганың жыйналып,
Тилегеңинди бериптир,
Ардай болгон Буурулуң
Балам, астыңа бүгүн келиптир,
Эми кармашканың Каканчы,
Чымчышарың Чынмачын,
Балам, айза сунсаң эз болсун,
Атаңа душман Коңурбай
Балам, бет алдыңдан кез болсун.
Балам, эңкейиштен эр сайып,
Эр Коңурбай баш кылып,
Балам, так элүүнү катар тең сайгын,
Балам, зордукчу кытай жоголсун,
Балам, кыргыздын иши оңолсун!
Балам, кабарыңда бар беле,
Күчүн берип Буурулдун
Чымындай жаның куурулду.
Балам, бузуктуу сөзгө көнбөй жүр,
Балам, ардай болгон Буурулду
Ата ордуна кармаган,
Ар кимге күчүн бербей жүр!
Күчүн берип Буурулду
Киши көрбөс чоң дүмөк,
Көрүп кала жаздадың.
Каза жетип, күн бүтпөй,
Балам, өлүп кала жаздадың.
Бу сөздү айтып тургуча,
Олуят уулу эр Бакай
Айтып оозун жыйгыча,
Көрсө көңүл бөлүнүп
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Басыгы өндүр жел окшоп,
Барааны аскар бел окшоп,
Булкунганда жөн эле
Арыслaндык түрү көрүнүп,
Асыл кыраан Күлчоро
Адырдан түштү көрүнүп.
Чорону көрүп төрөндүн
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
«Арбуурулду куткарып,
Алып келген балага
Менин арслан жаным садага!
Жанга өлчөлү жалгыз ат
Жаш бала колго тийгизди.
Аргымак жыйнап, ат күттүм,
Айлансын Буурул буудандан.
Азамат жыйнап, эр күттүм
Айлансын Күлчором сендей туугандан!
Бу Күлчором жок болсо,
Түшпөйт белем санаага.
Калбайт белем барбаңдап,
Бир ит өлчү талаада».
Эрдиги журтка сынаакым,
Эр Күлчоро мураапым.
Сендей кыраан балага,
Береки абаң берендин
Саа кайран жаным садага!
Чачылганым жыйнаган,
Үзүлүп кетсем улаган,
Өчкөн отту тамызган,
Өлсө жанды тиргизген,
Астыга салсам ак жолум,
Айдап жүрсөм сан колум.
Ай, Күлчоро, тууганым,
Болжол жоого чабычу
Болот уңгу айбалтам,

www.bizdin.kg



Менин болжолу жок чоң аркам.
Беренимсиң белимсиң.
Белгисиз кыйын шеримсиң.
Өлчөп жоого жасаган
Табылгылуу колотум,
Ташка салса тайгылбас
Таптап койгон болотум.
Кымбатымсың, көркүмсүң,
Кыйкырса күчөп кетүүчү
Кызыл мунар өртүмсүң.
Аскарымсың, белимсиң,
Ай-ааламды буй кылган
Табылбай турган шеримсиң!»
Бул Күлчоро берендин
Кадырын кимдир билер деп,
Жалгыз тууган кыраанга
Бирөөнүн көзү тиер деп,
Кадыр билген балага
Азоо кара буканы
Кескилетип жиберип,
Чапкан экен садага.
Ошол кезде Күлчоро
Шай колдогон кыраандын
Шердик жайы көрүнүп,
Ай-ааламды буй кылган
Эрдик жайы көрүнүп,
Күлчоро жайы момундай –
Арыстандай сыягы,
Алакең кандын кыраны.
Өлүм орток, жан бирге
Өңгөчө кыраан баланын
Кай кылыгын айталы!
Берен да экен, бел да экен,
Шай колдогон шер да экен,
Чорону мындай дей берсе
Кудай урган кеп экен,
Аргын менен кыргызга
Темирден каша чеп экен,
Жайнаган кызыл чок экен.
Жарыктыгы болжолсуз,
Жайнап турган шер экен,
Кыргызга жалгыз туулган,
Кылчайбай жоого катылса
Кылымга салат чуулган.
Баатыры журттан бир башка,
Кытай турмак кылымга
Аты угулган көйкашка.
Турганы Талас жер болгон.
Күткөнү көкжал эр болгон,
Качырган жоосу кем болгон,
Шер экенин билгизип,
Онжоңдогон Буурулду,
Эр колуна тийгизип,
Шамдагайы болжолсуз
Жоого кирсе чок экен,
Кулак угуп, көз көргөн
Ааламда жок экен,
Берен чоро келген соң,
Бели бийик Буурулду
Төрөсүнүн колуна
Алып келип берген соң,
Ошондо төрөң кубанып,
Душман жактан чочунду.
Ардай кылып Буурулду
Азыр төрөң токунду.
Булгары тердик, көк токум
Муну үстүнө салды эле.
Себилчен балбан сексен төрт –
Серпишкен жагы кызыл өрт.
Калканчаны канча төрт –
Кара жолтой канкордун
Караган жагы кызыл өрт.
Кара адырмак буткулдай,
Кармашса жанды жуткудай.
Көрүнөө салып чоң жаңжал,
Өлгөндө болбойт эч арман
Баатырыңдын Акканкы ээр
Көтөрүп чыкты көп балбан,

www.bizdin.kg



Кашын алтын кыйыткан,
Кармаш менен дүмөккө
Ылайыктап жасаган,
Жан бөлөктөн кураган.
Алмамбет кылган Акканкы –
Кулак угуп, көз көргөн
Эрендин баары сураган,
Алдыңкы кашы – ак алтын,
Арткы кашы – чылк күмүш
Эки каптал – эн темир,
Эп келтирип оңдогон.
Кабарында бар бекен
Кан Манастын курдашы,
Кабылан Алмаң сырдашы,
Ошол киши ондогон
Эңишке минсе бекер деп,
Эбинен тайып кетер деп,
Тарамыштан талдырган,
Желим менен аралаш
Быт-чыт кылып чалдырган,
Көргөндө куба кандырган.
Эңишке минсең эңкейбес,
Ар борумун болжогон.
Колу менен Алакең
Жалгыз ээрдин керт башын
Жети жылы сомдогон.
Ар чеберлер кындаган,
Артык кыйын болду деп,
Арыслан Бакай сындаган.
Берендер көрүп жактырган,
Аманат кылып бул ээрди
Бөлөкбайга бактырган.
Буурулга токуп турганда
Куп жарашып кынаган,
Жеңип менде албас деп,
Жезкемпир көрүп сынаган,
Жеткилең кылган Акканкы ээр
Ар Буурулга токуду.
Бейли кара, суук боор
Мунун беделин көрүп чочуду,
Ал аңгыча болбоду,
Онжоңдогон Буурулду
Так он эки балбан токуду,
Чап олоңун бек тартып,
Куюшканын узартып,
Борумун жандан арттырып
Аюу талпак, ак пыштан
Аны үстүнө тарттырып,
Ар Буурулду токутуп,
Чымырканган жооларды
Чын ошентип кыраанын
Чымындай жандан чочутуп,
Атты токуп байлатса,
Аты Кызыр дубана
Чын оздуктан экөөлөп,
Онжоңдотуп Буурулду
Он эки балбан жетелеп.
Арбак конуп барбайып,
Атасы Манас көкжалдан
Артыгырак далдайып.
Көркөмдүгү шердиги,
Көкжал эрдин эрдиги,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети
Артыгырак көрүнүп,
Көрсө көңүл бөлүнүп.
Көкжалдык түрү көрүнүп.
Түмөн колду шаштырып
Астындагы Буурулун
Алчаңдата бастырып,
Азарын салса душманга
Аманат жандан шаштырып.
Түзү суук түрлөнүп,
Түн жан алгыч көздөнүп,
Көркөм тууган көкжалдын
Жаткан төөдөй кара каш –
Түрүн көрсөң оолак кач.
Эки көздүн кеңдиги

www.bizdin.kg



Соолгон чөлдүн көлүндөй,
Согушкан жанды жегидей.
Эки көздүн кирпиги
Коктуга чыккан бадалдай,
Кызыталак канкорго
Жолугуп менде баралбай.
Сакал менен муруту
Сарапты тешип өткөндөй,
Бет алышкан душмандын
Түбүнө чогуу жеткидей,
Сакалы саадак* кабындай
Муруту Букар шабындай,
Оозунан чыккан жел сөзү
Өзөндөн күйгөн жалындай,
Бетиндеги түктөрү
Аткан жаанын огундай,
Бет алганы көкжалын
Табылгынын чогундай.
Ай-ааламды шаштырып,
Алчаңдаган Буурулун
Аркы-терки бастырып,
Буурул атын булкунтуп
Ээликтирип Буурулун
Эр өлгөндөй жулкунтуп.
Баатырлыгы, шерлиги
Мендеден бөлөк көрүнөт,
Берениңдин эрдиги.
Түп атасы түгөл кан
Дүмбекинин тукуму
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Башка атанын баарынан
Башынан Кыдыр даарыган –
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түптүү шердин тукуму
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Өкүм шердин тукуму.
Кара чаар кабылан
Капталында чамынган,
Караса миңче кол болуп,
Мунусу дүрбөөн салыптыр.
Алпкаракуш-зымырык*,
Азыр колдоп алыптыр.
Азыр илип кетчүдөй
Асмандан арбайтып бутун салыптыр
Кара башыл ак буура
Азыр чайнап өтчүдөй
Бет алдында буркулдап,
Калжаң уруп калыптыр.
Кызыталак канкоруң,
Кылымды бузган анткоруң
Бир көрүнсө бир киши,
Бир караса миң киши
Толкуса тоону күткүдөй,
Каарланса кара жер
Калыңынан түткүдөй.
Ачууланып айкырса
Айбаты каптал желиндей?
Алышса жанды жегидей
Түнөрүп кетсе түткүдөй
Түрүн бузуп качырса
Дүнүйөнү күткүдөй.
Беттеп менде келгисиз
Берениңдин так өзү
Менде тепсеп жеңгисиз.
Ачууланып айкырса
Ала-Тоо токтоо береби,
Айбаты катуу, заары күч
Бул өңдөнгөн канкорду
Алышып менде жеңеби.
Жой-жосуну бөлүнүп,
Ай-ааламды шаштырып,
Алдындагы Буурулун
Алчаңдата бастырып,
Сырттан көкжал кабылан
Сыр найзасын бурду эле,
Балбандары чуу туруп,
Барабанын урду эле.
Барабан кулак тундуруп,

www.bizdin.kg



Жезнай үнү баркылдап,
Керней үнү таркылдап,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Манастын уулу баатырың
Кара буурул, тайкы жал
Тартып оозун бурду эле.
Кол ичинде бакырып,
Жоо кайдалап чакырып,
Күлчоролоп бакырып,
Семетей келип турду эле.
Мына ошондо Күлчоро
Султаныңыз, шериңиз,
Султан чоро эриңиз
Айбаттанган эренге
Айтып турду ар бир сөз,
Ачууланган беренге
«Баатыр тууган абакем,
Кеткен иштин жайынан,
Буурул аттын айынан,
Казат баштап капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Айза белден кыйратып,
Баатыр абам айыңан,
Кырк уруу Кытай калың эл
Мынча журтту чуулатып,
Баатырларын, шерлерин,
Калчага тете эрлерин
Баарын сайдым кулатып.
Буурул аттын айынан
Каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык.
Муун бошоп ал кетип,
Денеден эчен кан кетип,
Сөөк денем бөлүнүп,
Жапа түшүп башыма
Бир жактан жалгыздык чиркин көрүнүп.
Араладым капырды.
Көрдүм канча баатырды.
Аман-эсен тийгиздим
Арбуудан өңдүү атыңды,
Дарман чарчап, ал кетти,
Чыканактап тынч алам,
Ушул бүгүн, кан абам,
Чырым этип, уйку алам.
Жамбаштап жанды тындырып,
Жатып уйку кандырам.
Сенин кармашарың Каканчы
Кагышарың Бакбурчун,
Арбуурул атың минип бер,
Калдайдын уулу капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Бээжинге чейин сүрүп бер!
Жекени белге курчанган,
Жети сан кара Кытайга
Жеке аралап кол салган
Белгилеп белди бууп бер,
Бээжиндин каны Коңурдан
Атам Манастын кунун кууп бер!
Маңдай-тескей турушкун,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушкун,
Жаанын огу чыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлсүн шыркырап.
Кемегедей бир жерди
Кенен чаап оюп кел,
Кепини ушул болсун деп,
Кийми менен коюп кел.
Кара кытай, манжууну
Бээжин көздөй айдап бер.
Колуңа тийсе Калчаны
Так ошол жерге жайлап кел!
Кара курттай калкы бар,
Каканды көздөй айдай көр,
Манжуунун каны Эзкара
Кез болсо муну жайлай көр.

www.bizdin.kg



Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Калчаны,
Алышка балбан баатырды,
Кан атам Манасты сойгон капырды
Колу-бутун байлап кел,
Тууганың Күлчорого айдап кел!
Төрө кыял көп журттун
Төбөсүнөн баса көр,
Манжууларын, шерлерин,
Күрмө кийген эрлерин
Бери карай айдай көр,
Берендерин жайлай көр».
Чын Күлчоро муну айтып,
Жыйылып журттун баарысы
Баатыр Бакай, Сары кан
Кыргыздардын карысы
Ай касаба туу туруп,
Ач айкырык, чуу туруп.
Керней үнү бапылдап,
Үңгусу болот, учу курч
Учмактуу болгон сыр айза
Кол-колунда жаркылдап.
Айза башы кагышып,
Аскер башы чабышып,
Журт жыйылып, кол толуп,
Азгана эмес мол болуп,
Калың кытай эл менен
Калайманды башташып,
Жалпы кыргыз жанынан
Жалпы кечип ташташып,
Албан түрлүү жан болуп,
Боз жорго минип жылжытып,
Боз ала калкан колго алып,
Боз желек туу булгалап,
Ак сакалы жаркылдап,
Ителгидей баркылдап.
Кол козголуп чаң толуп,
Козголгон эчен жан болуп,
Кол алдында зор Бакай
Туу кармаган ал болуп.
Бакайдын сыры момундай
Олуят уулу бабаңыз
Иш баштаса эки эмес.
Бабаң Бакай карынын
Мунун кылган иши чеки эмес
Балааны көргөн алыстан
Байкасаң Бакай абаңыз
Жеке чыккан жарыштан
Тилге чечен артык эр
Билгич Бакай кеменгер
Туу кармаган ошол жер.
Айдыңдуу Бакай карынын
Шер экени дагы чын,
Шер жолдошу Бакайдын
Эр экени дагы чын.
Айза кармап, топ бузган
Даңгылдыгы дагы бар,
Акыл тапкыч эң билгич
Камбылдыгы дагы бар.
Шерге ылайык Бакайдын
Шер экени дагы чын.
Тилге чечен, көрөгөч
Эр экени дагы чын,
Кабылан Бакай канзаада
Камбылдыгы дагы бар.
Билбегенди билгизген
Бир Бакайың сан колдой,
Даңгылдыгы дагы бар.
Кыраань жанга сынакы
Берен Бакай көкжалың
Өткөн Манас шериңден
Калган Бакай мураапы.
Астыга салсаң ак жолтой,
Баатыр Бакай абаңдын
Баатырлыгы болжолсуз.
Ич этине суп көйнөк*
Кийген Бакай эмеспи,
Кара таандай капырды

www.bizdin.kg



Түргөн Бакай эмеспи,
Көкжалыңдын барында,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көкала калкан ойногон.
Көп дүмөк сөз мүшкүлдү
Алыстан Бакай ойлогон,
Ойлобой абаң койбогон.
Олуяттын эркеси,
Чын жараткан мендеси.
Бука моюн, буура сан
Булкушса канды кууратkan.
Отурганы ой болгон,
Абаңыздын жүргөнү
Алашадай той болгон,
Эрдигинен оолуккан,
Эрениң Манас көкжалга
Кенедейден кезигип,
Бармактайда баш кошкон,
Биттей кезде биригип,
Көк келтесин октогон,
Манастын Бакай шери деп,
Беттешпей душман токтогон.
Мурунку айткан сөзүнө,
Буудан Манас көкжалга
Мураа болгон өзүнө.
Канкор Манас шер менен,
Кадырман султан эр менен
Малы бирге короолош,
Ашы бирге жороолош,
Тапканы бирге жыйгандаш,
Өлүп калса ыймандаш,
Көкжал Манас шер менен
Бир өсүшкөн курбалдаш.
Абаң Бакай ушундай,
Арыслан өткөн тушунда
Акыл тапкыч, кеп билер
Арыслан Бакай карыя.
Жыргал менен тозокту,
Кетер менен келерди
Алыстан көрөт олуя.
Бабасы Бакай карыя
Азар түмөн жан болуп,
Туу кармаган ал болуп,
Бакай жайы мына бул.
Аны таштай салыңыз
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Мындан кабар алыңыз.
Буйрук жетсе өлөм деп,
Буудан шерге мен дагы
Караан болуп берем деп,
Аргындан тандап кол алып
Колун айдап мол алып,
Калың колду шаштырып,
Астындагы Тууччунак
Алчаңдата бастырып,
Көпкөк темир тон кийип,
Көкала калкан байланып,
Жай-жарагын жайланып,
Атышчу жоого камданып,
Арыслaндай түйүнүп,
Ок өтпөгөн сыйдам тон
Он эки катар кийинип,
Жай-жарагын жайланып,
Коңурбайга камданып,
Ошол келген кези экен.
Минген аты Тууччунак
Тууччунагын туйлатып,
Аргын менен кыргызды
Түк койбостон баарысын
Түгүн койбой жыйнады,
Жашы менен карысын,
Жалпы жыйнап баарысын,
Ажал жетсе өлүүгө
Артык шери Семетей
Караан болуп берүүгө.
Кечээ, Семетей жетим чагында
Ошол кезде Сары кан
Көмүр өчүрүп көө болгон,

www.bizdin.kg



Семетейге келгели
Сарытаз аты жоюлган,
Сары кан атка коюлган,
Кырсык чыгып шер болгон,
Кылымга татыр эр болгон.
Баатырлыгы, шердиги,
Эч бир кандан кем эмес,
Сары кандын эрдиги.
Сары кан букар конгондо
Көрүүгө коргон там кылган.
Келишкен куттуу кан кылган,
Таласка коргон там кылган,
Таласка мыктуу кан кылган.
Саркан жайы ушундай,
Бал шекердей сөзү бар,
Чөйчөктөй болгон көзү бар.
Адамдан артык баркы бар,
Ай-ааламды буй кылган
Сары кан мындай каркыбар.
Камбыл ошол, тең ошол,
Аскар тоодой эр ошол.
Аргындан тандап кол алып,
Айдап колду мол алып,
Уңгусу болот, учу курч
Урушка жабдык сыр айза
Аркайтып өөдө аштатып,
Аргын колун баштатып,
Келген экен Сары кан,
Кан Сары кан абаңдын
Казандай кара бөркү бар,
Ай-ааламдын баарысын.
Буй кыла турган эрки бар,
Сыр айза алса көөлөгөн,
Кармашса жоону жөлөгөн.
Эч жан чыдап барбаган,
Душман жеңип албаган,
Сары кан жайы момундай,
Байгамбар сындуу бабасы,
Семетейдин абасы
Сары кан жайын карачы,
Доолбасты урду эле,
Туу түбүндө мунарга.
Ал мунардын түбүнө
Барабан катуу кагылып,
Барып турду Сары кан.
Сары кан карап турганда
Манастын уулу Семетей
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Ала аскардай көрүнүп.
Ак олпогун кийиптир,
Алчаңдатып Буурулун
А кургуруң миниптир.
Манастан калган Аккелте
Ай далыда балкылдап,
Сундурганда чаң кеткен,
Түтүндөн мурун жан кеткен.
Ондолуп огу тийген жер
Кемегедей оюлган.
Карасаат каранга
Ар качандан бир качан
Кезиккен душман союлган,
Окчонтой огун сологон,
Атыша чыккан жоо болсо
Айбатынан кологон.
Ичин сайлап өгөгөн,
Козу боор курчтан салдырып,
Баш-аягын теңеген,
Кундакка алтын толгогон
Бу келтедей буюм болбогон.
Кемтик-кыйшык жерлерин
Төкөр уста Бөлөкбай
Койбой жатып ондогон,
Көчүк жакка кароолго
Жакут таштан жардырган
Төө өркөч кылып салдырган,
Атаар жагы кароолун
Кой башындай алтынды
Төрт бурч кылып чойдурган,

www.bizdin.kg



Карасаат каранды
Кароолуна салдырган.
Каарланып какайып,
Камдап жоого сунганда
Кулагынан кан кеткен,
Болжогон жоодон жан кеткен,
Бөлүнүп огу чатылган,
Ийинде жүрсө барсылдап,
Өзүнөн өзү атылган,
Буга ажалдуу менде катылган,
Алыша чыга жоо келсе,
Азапка өзү чатылган,
Жоого кармап бурганда
Кароолу жарык ачылган.
Атканда огу зирилдеп,
Туш-туш жакка чачылган.
Туура байлап урганда
Душман айла табалбай
Аткан жанды күлдүргөн.
Тутам сөөгүн таптырбай,
Тийген жерин бүлдүргөн,
Огун болот сомдогон,
Кулак угуп, көз көргөн
Кабылышкан душмандын
Чынмачындан Какандан
Чын Кытайдан, манжуудан,
Шибе, тыргоот, калмактан
Чымырканып атканда
Чыдап менде турбаган.
Чыдап эрлик кылган жан
Кыр-кырынан сулаган
Ар атканда карандан
Алтымыш менде кулаган,
Кармашка чыгып келтеге
Кандай менде чыдаган.
Милтеси жибек чоктогон
Бир Аккелтенин өз куну
Сексен миң арга токтогон,
Боосун жибек чалдырган
А дүйнө кеткен Манас кан,
Аманат деп Айкөлүң
Семетейге калтырган.
Атасы Манастан калган Аккелте
Ай далыда жаркылдап
Курчаңганы Боз кисе –
Курган Манас кисеси.
Билген адам муну айткан:
Асмандан түшкөн Боз кисе.
Кечээ томукчалык тоо жок,
Токумчалык коо жок,
Буурсун бузган чийин жок,
Кашкулак казган ийин жок,
Ирмеп жээр чөбү жок,
Жан жыргатар кеби жок
Боз-Мунарык белинен,
Ит-Баспастын чөлүнөн
Жортуп Манас чыкканда
Ээн талаадан кабылган.
Эр Манаска Боз кисе
Мура болуп табылган,
Кыйкырып белге чалганда
Кызыр чалган карааның
Кызыл мунар тоо болгон.
Кыйкырык салып айза урса,
Кармашкан душман боо болгон.
Айкырып белге чалганда
Арыслан Манас шериңиз
Ак аскар тоодой көрүнгөн.
Айбатына жан турбай,
Ар кайсы жакка бөлүнгөн.
Беттеп адам келбеген,
Беттешип душман жеңбеген.
Сомбуктун суусун бойлогон,
Согушкан душман сойлогон,
Кармашкан аман болбогон.
Көөхар менен жакуттан
Көк жалың өзү жардырган,
Азелдетип каранды

www.bizdin.kg



Ар кайсы жерге салдырган.
Ар көөхар таш муштумдай,
Боз кисе жайы ушундай.
Муну белге курчанып,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Атасы Манас айкөлдүн
Дал өзүндөй көрүнүп.
Тогуздап торко тон кийип,
Тогуз тондун үстүнөн
Аколпок тонун кийинип
Канкорундун Аколпок
Узун эмес, кыска эмес,
Уйпалгырга чак Аколпок.
Топчулугу тогуздан
Толгоп кийсе тешик жок.
Каарланып кармашса,
Кармашкан жоодо кешик жок.
Айза сайса бураган,
Болот айза кыйраган,
Кезиккен душман сулаган.
Болот эгеп септеген,
Болжолу жок Каныкей
Бузулган жерин эптеген.
Ичи көөнө болду деп,
Жаңылап ичип ичтеген.
Айчүрөк баштап кырк келин
Күрөктөй болгон кайран тиш
Күбүлгүчө тиштеген.
Болот эгеп тундурган
Күлчорону баш кылып,
Токсон кыйын балбанга
Токмок менен урдурган.
Айза сайса мадаган
Алалбай душман жадаган.
Аркагын жибек чубаган
Бакай баштап сан балбан
Дүмүргө жаап салдырып,
Туш-туш жактан каранды
Айза менен сайдырып,
Тешик жерин туштатып.
Болот менен муштатып,
Болоттун учу майышкан,
Кара курч сайса кайышкан,
Кызыктап энең кынаган.
Эчким бузуп албайт деп,
Бөлөкбай уста сынаган.
Күйүп кетер бекен деп,
Сөксөөл куусун жактырган.
Бузуп кетер бекен деп,
Аккелте менен аттырган.
Сындан чыккан Аколпок –
Сырттан эрге чак Аколпок,
Сөксөөл жаксаң чок өтпөс.
Аккелте атсаң ок өтпөс –
Манастан калган Аколпок.
Ал жонунда кийилүү.
Аколпок тону калбайып,
Айкөл тууган Семетей
Аттанып чыкты дардайып.
Оозунда жалыны
Өзөн желдей шыркырап,
Кара жолтой канкорго
Кагылыша кеткендер
Жөн эле качкыдай чыркырап.
Аркы колду шаштырып,
Алчаңдатып Бууруулун
Асемдетип бастырып.
Атам баатырлык жайы ушундай,
Телегейи тең экен,
Атасы Манас көкжалдан
Артыгыраак шер экен.
Жекеге чыкты желигип,
Кызыталак бу канкор
Жеп ийчүдөй ээлигип,
Албан түрлүү сөгүлүп,
Арыслан түрү көрүнүп.
Кызыталак бу канкор
Ай алдында дайранын

www.bizdin.kg



Толкунунан бүткөнсүп,
Асмандагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн
Жаркынынан бүткөнсүп,
Асман менен көгүңдүн
Тиреөсүнөн бүткөнсүп.
Алтын менен күмүштүн
Ширесинен бүткөндөй,
Каарланса канкорго
Алды катуу кара жер
Калыңынан түткүдөй.
Аңырайган капчалдын
Алкымынан бүткөндөй.
Токсон тоонун урунуш
Урчугунан бүткөндөй,
Каарланган канкоруң
Кез болгонду сүзгүдөй
Колуна тийсе канкоруң
Быт-чыт кылып үзгүдөй.
Тоо жыгылса токтотуп,
Тиреөч болуп тургудай,
Толкуп кетсе кокустан
Ааламды кыргыдай.
Кабарынан кан чыккан,
Айбатынан жан чыккан,
Жүрүмүнөн чаң чыккан,
Дүбүртүнөн жан чыккан.
Астыңкы эрди калбайып,
Ааламды соргудай,
Мурунун үстүнө
Бу кызыталак канкордун
Алпкаракуш конгудай.
Алыша кеткен мендесин
Алты таш жерден лоп тартып
Ажыдаардай соргудай.
Чыдап менде келгисиз,
Чымчышкан киши өлгүсүз.
Беттеп менде баргысыз,
Бет алган тирүү калгысыз.
Эки көздүн кычыгы
Ачылып калган ороодой,
Адамзаада мендеден
Мындай адам болобу, эй.
Көк тиреген сыр найза
Көрсөң тоодой көрүнүп,
Мына ошондо эр Семең
Жер жайнаган кол албай,
Жеке өзү барууга,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Кагышты катуу салууга,
Илгерки кеткен шерлердин
Зайыпбуруш эрлердин
Өчүнминтип алууга,
Чымчышары Чынмачын,
Кармашчу жоосу каканчы
Кара курттай калкына
Камынып согуш салууга
Камалган кыргыз, аргынды
Каарлуу капыр колунан
Ажыратып алууга.
Жекеме-жеке согушуп,
Кагыш кылып көрүүгө,
Каза жетсе окко учуп,
Ошол кайнаган элден өлүүгө,
Тегерегин карабай,
Теңиздиги ушундай,
Теги жанын аябай,
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Өлүчү жанды аябай,
Жекеге чыкты желигип,
Кытай түгүл кылымды
Жутуучудай көрүнүп.
Айры белес, ач кайкаң
Ашып барып турду эле.
Ашып чыгып караса,

www.bizdin.kg



Калк аманын кааласа,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Ар жагында бир адам
Көк аскар тоодой көрүнөт.
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кармашса, жанды жегидей,
Беттеп адам баргысыз,
Берендиги белгилүү
Бет алган тирүү калгысыз.
Журт бийлеген зарлардай,
Таш жүрөктүү балбандай.
Кыска сакал, түймө чач,
Менде заттан бөлөк баш
Бет алышты Акаяр,
Беделин көрсөң оолак кач.
Бой-боруму шер экен,
Жумуру баштуу мендеден
Башка тууган эр экен.
Ботом, Коңурбайдан көп өөдө,
Эзкарадан эң өөдө
Шай колдогон шер экен.
Ааламдын баарына
Ылайыктуу эр экен.
Аны көрүп Семетей:
«Туурасы жоон бою бас,
Тулку бою кара таш,
Кең көкүрөк, жайык төш
Эңчегей бойлуу, кара көз
Эрге ылайык кул экен.
Бу кандай кандын уулу экен?
Өрттөнүп кеткен бул манжуу
Таш сайынган кытайдын
Тазасынын өзү бейм?
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүнүн өзү бейм?
Мунун атасы болгон чоң улук,
Кайдан келген туулуп?
Кылымда мындай зарлар жок?
Кытайда мындай балбан жок.
Капырай, Бакбурчундун бели бейм?
Кытайлардын шери бейм?
Шери болор себеби –
Кынсыз кылыч байланган,
Жоо жагына шайланган,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланган.
Капырай, билеги жоон, таш жүрөк
Адамда мындай болобу?
Бил мүчөлүү бадирек
 Уңгусу болот, учу курч
Комокойлуу сыр найза.
Колойтуп өөдө аштаган,
Койгулашкан балбанга
Коркуп колтук ачпаган.
Колуна тийген балбанды
Коёндой жерге жанчтаган.
Баатырлыгы бар экен.
Ичип канга тойбогон
Капырлыгы бар экен.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Азар түмөн жоо болсо,
Айкырып жоого бир тийген,
Сыягы бөлөк, заары күч
Телегейи тең экен.
Ичин ойлоп байкасам,
Жер жүзүнөн кең экен.
Атаңдын көрү, дүнүйө,
Кежирин коюп бачагар
Кең-Талас бойлой консочу!
Коюбуз бирге короолош,
Ашыбыз бирге жоролош
Бизге чоро болсочу!
Алтай минсе арыбас,
Бууданың болуп келсечи!
Айыл конуп жан бирге
Тууганым болуп кетсечи.
Мен Семетей болгону,

www.bizdin.kg



Семетей атка конгону
Кайгуулду чалдым өлбөдүм,
Эчен дөө менен кармашып,
Мындай эрди көрбөдүм.
Атаңдын көрү, эренге
Айла тапкыс иш болду
Бул өңдөнгөн беренге.
Колума тийсе бул балбан,
Кайдан болсун менде арман!
Кыр Бээжиндин Кырка-Таш
Кыркалата бул тозсо,
Каспан-Тоону калдайып,
Кан Семетей мен тозсом.
Бизге бармактуу менде батабы,
Басташкан тирүү кайтабы?
Бизге керишип душман келеби,
Бизге басташып башка тиеби?
Жылгындуу, Кең-Кол, Таласка
Суук боор адам киреби?
Сырттан экен, шер экен,
Эбегейсиз неме экен.
Бекер жердин уулу эмес,
Бекер жүрчү кул эмес.
Айза салса оң кылбайт.
Алышчы болсо соо кылбайт.
Буга бир айкырып айза салайын».

Семетей менен Акаяр экөө жекеге чыгышып бет алышкан жери, ошондо бул экөө жети күнү тынбай урушуп жатып, бирин-бири алыша албай туруп, экөө сөзгө келишип, бирин-бири таанышып, сөзгө келишкен жери. Акаярдын Күлчорого айткан сөздөрүн, демек, жалпы кыргыз элинин кандарына айтып жиберген саламын Күлчоро унутуп айтпай калган. Ошондуктан Семетей эч нерсени ойлогон эмес. Акаярдын кыргыз экенин да билбеген. Ошол жетинчи күнү Күлчоро бул экөөнүн үстүнө жетип, Семетейге Акаярдын ал-жайын түшүндүрүп, арачалап ортого түшүп турган жери. Жана Акаяр кытайлардын жана Коңурбайдын сырын Семетейге түшүндүргөн жери.

Качпай туруп салышып,
Камбыл тууган кытайдын
Башын кесип салайын.
Какандан кайра кайрылып,
Желбегидей кылайын.
Кылым кыргыз элиңе
Кайра тартып кылчайып,
Келбегидей кылайын,
Дүмөк салган жаңжалды
Ачпагыдай кылайын,
Кыйкырык салып бурутка
Баспагыдай кылайын!»
Деп, ошентип, Семетей
Долоно саптуу булдурсун
Чапса кулак тундурсун.
Бышты өгүздүн терисин
Өзөгүнө кердирген,
Алты серке терисин
Шыкап жатып өрдүргөн.
Алаканы айнектүү,
Бүлдүргөсү баргектүү,
Төбөсүнө чок койгон,
Учуна карыш ок койгон,
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерип,
Каң дегизе Буурулду
Такымга тартып жиберип,
Буурулдун оозун бурду эле,

www.bizdin.kg



Кыргагы болот сыр айза
Акаярды карата
Күркүрөтө сунду эле.
Дүмбекинин* тукуму,
Бир караса бир киши,
Бир караса миң киши.
Кара чаар кабылан
Казыр чайнап жарчудай,
Астына түшүп басыптыр,
Араандай оозун ачыптыр.
Чолок көкжал арыслан
Жандап сүрөөн салыптыр.
Колдогону бир тогуз –
Канкордун уулу чунакты
Колдоп жатып калыптыр.
Жыпжылаңач дубана
Жылас болгон Буурулду
Жылоодан кармап төтөлөп,
Онжоңдотуп Буурулун
Он эки желдет жетелеп.
Жараткан берген бу бир бак,
Арт жагына бөктөргөн
Төө бою алтын так.
Толкуп төрө кол салды.
Токтобой айза сунду эле,
Жер жарылды дүркүрөп,
Жебели болот сыр айза
Келе жатат жөн эле
Жеп ийчүдөй күркүрөп.
Айза учу көк-жашыл,
Күйгөн чоктой бөлүнүп,
Күркүрөгөн канкордун
Жалаңгыч сүрү көрүнүп,
Жеткилең тууган кайран шер
Жетип айза урду эле.
Денеге айза тийгизбей,
Деги балбан Акаяр
Айзаны кагып урду эле.
Ачуусу келди Аярдын:
«Тууганбы деп жалынсам,
Тутамча жаным койбойт ко.
Тутанып өлгөн бул канкор
Туугандык жайды биле элек
Минтип жүрсө оңбойт – деп,
Сыр айза кагып урду эле.
Бир чымындай куу жанды
Минтип аман кылды эле –
Көк темирден туулга
Көрүнөө баатыр, канкор шер
Чокулуу кылган айбалта
Мизи карыш жалжайган,
Шилтеген жерден кан жайган.
Алтын жаак балтаны
Кармай калып имерип,
Туулгага тартып жиберип,
Минтип канкор турду эле,
Балбан экен Акаяр
Туулгадан чок чыкты,
Калканынан от чыкты.
Кыймылдабай кенебей,
Кыйын шердин чабышын
Кыл немеге теңебей,
Өөдө-ылдыйын болжобой,
Өлөмүн деп ойлобой,
Былк-сылк этип кенебейт,
Мыктуу эрендин чапканын
Бучкагына теңебейт.
Мына ошондо Акаяр
Курч болоттон сыр айза
Куптап колго алды эми,
Сакалдары сапсайып,
Сарапчы тешип өткөндөй,
Кыймылдаса Акаяр
Кылымдын башын кескидей.
Ачууланып айза алып,
Ар жабдыгын шайланып,
Болоттон куйган чоюнбаш
Он эки сай, төрт кырлуу

www.bizdin.kg



Камынганды кайсаган
Камбыл экен Акаяр.
Алп, дөө менен алышып,
Даңгыл* экен Акаяр.
Ичсе канга тойбогон,
Ыктуулугу бар экен.
Айла билгич, акылман
Мыктуулугу бар экен.
Жана көкжал баатырга
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жаман уруш салды эми.
Ороңдошуп кайран шер,
Очогор мылтык октоду.
Оодарылбай ушул жер,
Калыңынан токтоду.
Каруулашса эки шер
Калайыкты күткүдөй,
Каңтарылбай катуу жер
Калыңынан туткүдөй.
Тоо жарылып, таш куйүп,
Карагай сынып, зоо кулап,
Катуу кирип Акаяр
Качырып айза сунгудай.
Болот кырлуу сыр айза
Болжолу жок урганда
Аколпоктун бүчүлүк –
Бүчүлүктүн четине,
Эң өлчөнүн бетине
Акаяр айза салды эми.
Аянбай айза салды эле,
Ачып көзду жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Кара жаак айбалта,
Кармай калып кайран шер
Акаярдын айзасын
Орто белге салды эле.
Айза сынып быркырап.
Болоттон кылган сыр айза
Быт-быт болду чыркырап.

Айзадан айла кеткен соң,
Кылыч менен салды эле.
Кылычына кылычын
Кызырлуу тууган кайран шер
Жана кагып калды эле.
Кылычтан аман калышып,
Шердик жайы ушундай
Белеске турду Акаяр,
Бет алып сайды Семетей.
Кебелбей койду кайран эр,
Манастын уулу эр көкжал
Кыраанга тура калды эле,
Кыйын балбан Акаяр
Кыйкырып айза салды эле,
Кыйшайган жок Семетей.
Бул өңдөнүп ким жүргөн,
Жекеме-жеке урушуп,
Кылымга салган чоң дүрбөн.
Айбалта менен салышып,
Айбалта баары быркырап,
Сабы колдо калды эле.
Кылыч кайрап быркырап,
Кабы колдо калды эле.
Жабдыктын баарын кыйратып,
Жаман жаңжал салды эле,
Ар дүмөктү ойлошту,
Баарын таштап жиберип,
Оодарышмай ойношту,
Жакалашып турушту,
Бир күн эмес, эрендер
Жети күн тынбай урушту.
Ат үстүнөн тартышып,
Буурул менен Чоң күрөң
Тизеден кумга батышып,
Ким көргөн мындай урушту,
Эки шер кылды жумушту.
Булкушкандан силкишип,
Жер союлуп чаң болуп,
Ат боорунан кан болуп,

www.bizdin.kg



Алышалбай турушту.
Калкан сынып чыркырап,
Тон тытылып быркырап,
Кагыш кылган эрендер,
Майдандагы берендер
Жан аябай барбактап,
Жолум үйдөй булалар
Жолу болсун, бул кызык
Жорудай учуп далдаңдап.
Кулак угуп, көз көргөн
Бул өңдөнгөн кармашты
Бул өңдөнүп ким жүргөн?
Кыраандардын барында,
Кыйрашып салган чоң дүрбөн,
Зулпукорду суурушуп,
Чалышалбай турду эле,
Акаяр балбан, Семетей
Алышалбай турду эле.
Абайлап балта чабалбай,
Бир-биринин айласын
Эки арыслан табалбай,
Чоюнбаш менен салышса
Туулга сынып быркырап,
Чокморлордон чыккан чок
Туш-тушунан чыркырап.
Аңтаң калып урушуп,
Эрендер жайы ушундай –
Алышалбай турушуп,
Жекеме-жеке урушуп,
Эрендер жайы ушундай –
Жеңишалбай турушуп,
Ок өтпөс тондор бузулуп,
Токтоо бербей топчулук
Быт-чыт болуп үзүлүп,
Коңгуроолор кагылып,
Кол эсинен жаңылып,
Эрендердин баарысы
Көргүсү келбей тарашып.
Кытай, кыргыз таң калып,
Тамашага карашып,
Согушту экөө башташып,
Көрүп турган дөө, балбан
Жандан кечип ташташып.
Тулпарлардын баарысы
Бөрүчө желип жөлөнүп,
Аржаңдаган кайран баш
Капкара канга бөлөнүп.
Куйруктары тулпардын
Кызыл мунар чаң болуп,
Көкүлдөрү тулпардын
Кызыл кочкул кан болуп.
Карагай тоодой айзасын
Кармай алып тушташып,
Жан аябай берендер
Так көрүнгөн жерге муштаашып.
Аккелте менен Очогор
Жаңырып огу чыркырап,
Айзалардын учу учуп,
Быт-чыт болуп бычырап.
Алакан эттер оюлуп,
Ок өтпөс тондор чоюлуп,
Алышалбай турганда,
Алмамбет уулу эр чоро,
Ай-ааламды буй кылган
Аябаган шер чоро
Түпөгү жок айза алып,
Жанына жалаң кылыч байланып,
Сары жаргак шым кийип,
Сандыргалуу кыраанын
Сан түмөндөп жоо чыкса,
Жан аябай бек тийип.
Булуттай учуп чамынып,
Карчыгадай камынып,
Кайыптай акыл табылып.
Опол-Тоодой сур минип,
Күлүстөн тууган Күлчоро
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Каарынан баатырдын

www.bizdin.kg



Жер силкинип, таш кулап.
Каалгадай кашка тиш –
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып калыптыр.
Ичсе канга тойбогон.
Бет алса жанды койбогон,
Караңгыда айдаса
Кабылан сындуу жойлогон.
Баатыр жүрөк, шер кайрат
Балбандыгы ушундай,
Баатыр чороң жетиптир,
Серпишип жаткан экөөнө
Ортого түшө калды эле.
Онжондогон Буурулду
Оң колуна кармады,
Калжаңдаган Чоң күрөң
Сол кол менен Күлчоро
Жана кармай калды эле,
Алыштырбай экөөнү
Арачалай салды эле,
Ортосунда Күлчоро
Арачалап турганда
Эки шер кетти бөлүнүп
Ортосунда Күлчоро
Көк дөбө тоодой көрүнүп.
Каарланып Сур атты
Талыкпай оозун бурду эле,
Эки арыслан кыраандар
Эптүү тууган Күлчоро
Арачалап турду эле.
Жазы жаак, жалпак тил
Жаңылбаган шер чоро
Ай-ааламды буй кылган
Аябаган эр чоро
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Алмамбет уулу Күлчоро
Коё берди кеп баштап:
«Айланайын, эки абам,
Алты ай минсе арыбас
Темир туяк бууданым,
Акаяр менен Семетей
Экөө бирдей тууганым.
Акаяр биздин агабыз,
Айтылган кепти караңыз,
Кыраан учуп чыгалбас,
Кызыл капчал зоодайым,
Кылайган бир жан баспаган
Кара-Таңшар тоодайым,
Куп келтирип, сан колдон
Кез келтирген Кудайым!
Кезикkенде Акаяр
Өчкөн отту тамыздың,
Өлүчү жанды тиргиздиң.
Билбегенди билгизип,
Билип жолго киргиздиң.
Туйбаганды туйгузуп,
Туура жолго түшүрдүң,
Абакебиз Акаяр,
Билдик асыл затыңды.
Айлансам болот Кудайга,
Алып бердиң Кытайдан
Ар Буурул сындуу атымды,
Кызыр чалган Акаяр
Кыргыз үчүн туулган.
Кырк жылы калмак жүрсөң да
Кытайга салдың чуулган.
Белиме таңуу белимсиң,
Берекелүү шеримсиң.
Жер жайнаган какандан
Желигип жүрүп тапканым,
Жети бирге кол берген
Акаяр менин арсланым.
Оо, Акаяр абаке,
Буурул алып сүйүнүп,
Кайтпай калган экемин!
Бууданым абам сырыңды
Айтпай калган экенмин.
Көлпүктөгөн мен көөдөк

www.bizdin.kg



Көп мактанып алыпмын,
Аба, жакшылыгың унутуп,
Капыяда калыпмын.
Ат айланган мамыдай
Такыр болгон экенмин,
Жакшылыгың унутуп,
Алактаган мен чоро
Капыр болгон экенмин.
Бадыша аба, шер мына,
Акаяр аба, башымды кессең
мен мына!
Кабылан абам Акаяр,
Канымды төксөң мен мына!
Кыйык болду ишибиз,
Кылычтап башты алыңыз.
Кыйыктап койсоң жан мына
Баатыр, курмандыкка чалыңыз!
Жайдары тууган эр мына,
Абаке, көңүлүңө алыңыз.
Кетирсең абам ал мына,
Чачып ийсең кан мына,
Кыйып салсаң жан мына,
Булдап сатсаң бул мына,
Өлтүрүп салсаң Кытайдан келген
кул мына!
Калың казсаң ор мына,
Кайнатып ийсең шор мына,
Аманатың айтпаган
Аңкир чоро мен мына!
Эштек журттун эркеси,
Жамгырчынын кенжеси –
Акаяр абам бул мына!
О, Семетей абаке,
Эрдигин калың, эсиң жок,
Эселек абам кантейин,
Кызыл чок кытай уулунча
Жекеге чыгып барыштың,
Калдайдан келген калмакча
Карсылдашып салыштың,
Канча түнү, канча күн
Абакем Акаяр менен алыштың.
Мурдатан айткан сөзүмө,
Ушул турган Акаяр
Мураа болоор өзүңө.
Түндүгү болчу коногуң,
Түгөнгөн, абам, сөзүмдү ук!
Эсиңден танып каларсың,
Акаяр айтса жомогун,
Айланайын Акаяр,
Суркоён тартуу, мен сатуу!
Алты айга минер бууданга
Айлансам болот ушунтип,
Тетиги Алтайдан келген тууганга.
Улуктарын, шерлерин
Айтсам арман арылбайт,
Адамдан чыгып, бир тууган
Акаяр өңдүү табылбайт.
Кайыбынан кабылган,
Акаяр абам кезигип,
Абийирим мындан жабылган.
Акаяр абам жогунда
Чымындай жаным куурулду,
Акаяр абам болбосо,
Кытайдан кантип алайын,
Мына чың жерге түшкөн Буурулду,
Көкжал чороң барганда
Көкбөрүдөй көтөрүп,
Алган абам эмеспи!
Билбегенди билгизип,
Туйбаганды туйгузуп,
Туура Какан жолуна
Салган абам эмеспи.
Өлүп кетер шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Ак болот мизин жалашып,
Ак буудай унун чайнашып,
Абакем айткан кеби эле.
Жекеге чыгып жетелеп,

www.bizdin.kg



Жети капка кыргызга
Алып кеткин деди эле.
Айткан кебин унуткан,
Адам мендей болобу,
Аңгыл тууган мендейди
Адам деген оңобу?
Кыйла мыктуу журт эле,
Кыргызга кайра жүрүңүз.
Кыйшык болсо ушул сөз
Кагылайын, кан аба,
Ушул турган чорону
Кара эшек кылып миниңиз!
Адам, Акаяр кебин укканда,
Атасы Манас көкжалдан
Арта турган кайран шер,
Күлчоросу экөөлөп,
Онжоңдотуп Буурулун,
Тартуу кылды жетелеп.
Чылгый ичи өрт жалын,
Чыдай албай берендер
Акаяр менен Семетей
Дүнүйөдөн кечишип,
Боз кисе менен көк кисе
Экөө катар чечишип,
Ободогу булуттай
Козголушуп алды эле,
Омуроосун такашып,
Дос болушуп алды эле.
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп калды эле,
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп калды эле.
Эзип курут кошкондой
Жошулуша кетти эле.
Боз жылкыдай чаңкайып,
Кошулуша кетти эле.
Он эки мүчө, миң тамыр
Бирөө калбай козголуп,
Оңурандап эки шер
Оо, дүйнөлүк дос болуп,
Атасы асыл канкор шер
Ал Акаяр балбандан,
Абалкы сырын сурады.
Алты капка казына
Ачкандыгын сурады,
Кара кытай, кыргызды
Жанчкандыгын сурады.
Кыргыз тентип кыйланып,
Көргөндүгүн сурады,
Кыйла атасы Какандан
Өлгөндүгүн сурады.
Атасы туулуп Алтайдан
Келгендигин сурады
Мына ошондо Акаяр
Көргөн-билген калайык,
Жандан кечип таштады.
Мына ошондо Акаяр
Жөө жомоктон баштады:
«Куу тулпарым баспаган
Жерде бүтүн бар бекен?
Курган Аяр чаппаган
Элде бүтүн бар бекен?
Болот айза көөлөшүп
Болбогон шаар Дагалак
Муну менен жөөлөшүп
Мен көрбөй калган жер калбай,
Мен көрбөй калган эл калбай.
Менин атым Акаяр –
Кыргыздардын кыйыны.
Эрен Эштек болуптур,
Эштектерден Жамгырчы
Кан атагын алыптыр.
Кагышка кирип каталып,
Канчалык алптан бата алып,
Эр Жамгырчы атанып,
Кулалы багып куш кылып,
Курама жыйып журт кылып,
Тескейчини жер кылып,

www.bizdin.kg



Тентиген жыйып эл кылып,
Кайып ата баш кылып,
Кум чогултуп таш кылып,
Курама жыйнап баш кылып,
Жети-Өзөндү жер кылып,
Жети-Өзөндүн кыргызын
Эби менен эл кылып.
Санаасы менен болтуруп,
Сандыгынын баарысын
Сары алтын мүлккө толтуруп.
Жамгырчы минтип турганда,
Эне бөлөк, ата бир
Эр Жамгырчы момундай.
Менин атам – эр Эштек
Куудай сакал кубарып,
Кузгундай көзү кызарып,
Сакалы куудай агында,
Сапары чукул барында
Атам шордуу каргандын
Бадырайган көз кетип,
Бал-шекердей сөз кетип,
Кайраты толук бел кетип,
Жанынан качып эл кетип.
Кечээ, карып келген кезинде
Жорго жоосун эрдиктен
Танып калган кезинде,
Тирүүлүктөн өлүмгө
Барып калган кезинде,
Өлө турган чагында
Эр Эштек атам көрүптүр,
Тоюма токсон союптур,
Атымды Акаяр коюптур.
Мени көрүп турганда
Берен атам өлүптүр,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран атам көрүптүр,
Карган атам өлгөндө
Калк чогулуп көөмптүр.
Менин башыма үкү тагыптыр,
Баатыр кандын уулу деп,
Байкуш журтум багыптыр.
Мен он алты жашка келгенде,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Кечээ туугандарды күлдүрдүм,
Душмандарды күйдүрдүм.
Душмандарды жанчтадым,
Ааламга дүрбөн баштадым.
Сайышканды туштадым,
Чындап ачуум келгенде
Төөнү жыга муштадым.
Он беш жашта ойнодум,
Он алтыга келгенде,
Ок жыландай сойлодум.
Атакемдин ок өтпөс
Ордодон тандап кийгемин.
Ок жетпеген тулпарды,
Жылкыдан тандап мингемин.
Атбороюн сыдырып,
Кулак угуп, көз көргөн
Жердин баарын кыдырып,
Мен урунбай тоо калбай,
Мен күрөшпөй жоо калбай.
Беттегендин баарысын
Менде кылып түшүрүп,
Ээлеп турган кезимде
Каршы келсе душманды
Кара канга боёлтуп,
Карсылдатып токмоктоп,
Жөөлөп турган кезимде.
Кечээ, Жети-Өзөн сууну ээлеген,
Жеңип адам келбеген,
Ат-Башыны жайлаган,
Куу казыгын байлаган,
Алайган көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай
Кошулуштум Кошойго,
Кошо жорттум ошого.

www.bizdin.kg



Абабыз Кошой ал болуп,
Албан түрлүү жан болуп,
Тоодой чокмор колго алып,
Тоону кошо бир салган,
Чокморунан от чыгып,
Салса тоодон от чыккан.
Туюк жерди бир салса,
Капчал кулап жол болгон,
Ал кезекте кыргызга
Кабылан Кошой чоң болгон.
Алты-Шаарды чептеген,
Абам Кошой карыя
Кез келген жанды өрттөгөн.
Абам Кошой ал болгон,
Өзү касиеттүү жан болгон.
Тиктеп душман чалбаган,
Абам Кошой карыя
Тиктеген аман калбаган.
Ажыдаар менен арбашкан,
Алп-дөө менен кармашкан.
Абам Кошой ушундай,
Бек чийилген зор иштин
Түйүнүн чечип катыккан,
Атчан да алп, жөө да алп,
Мунун баарын кыйратып,
Балбан Кошой атыккан.
Беттегенди көөлөгөн,
Душман көрсө жөөлөгөн.
Кагыштан кайра тартпаган,
Ажалдан кайра кайтпаган,
Туш калаада Турпандын
Жолун ачып турганда,
Байланып калган базардын
Багын чечип турганда,
Караан болдум жанашып.
Сексен балбан, токсон алп
Жеке кирип салышып.
Италынын элинен,
Кырк күндүктүн чөлүнөн,
Орогон-Тоонун оюнан,
Кумурскасы иттей бар
Чоң-Оркондун боюнан,
Койбос деген үчү бар,
Бир койбостун өзүндө
Токсон арслан күчү бар.
Оо койбостон кутулуп,
Куралы деген жылкы бар.
Жалы менен куйругу –
Жылкы сындуу сыягы.
Оо куралы жылкынын
Куйган темир туягы.
Ошол кароолго жүрүп жанашып,
Кошой кандан адашып,
Азапка башым тутулуп,
Ажалдан кайдан кутулдум.
Менде карап, калк билбес
Жолго түшүп кеткемин,
Кырк аркан бою чупчуңкур
Орго түшүп кеткемин.
Айлансам учуп чыгалгыс
Торго түшүп кеткемин.
Азаптан куу жан кутулбас,
Колго түшүп кеткемин.
Кезиксе өрттөп салучу
Корго түшүп кеткемин,
Кылайган тешик табылгыс
Зорго түшүп кеткемин.
Кытай милек, мен жалгыз
Кылганым барбы Кудайга?
Колу-бутум байланып,
Кызыталак Кытайдан
Кордук көрдүм айдалып.
Кытай каны Коңурбай –
Айла билгич доңуз ай,
Сынчыларга мактатып,
Сымбаткерге жактатып,
Алып чыкты Бээжинден,
Айырды минтип элимден.

www.bizdin.kg



Эчен кысым бел көрдүм,
Эл барбаган жер көрдүм,
Бу дүнүйө тозогун
Жыйнаштырып миң көрдүм.
Колум кырчоо байланып,
Кордук көрүп айдалып.
Бөлөгүн айтып нетейин
Шамырдай какшап отуруп,
Түбүнө качан жетейин.
Бээжиндин ары бетинде,
Каканчынын Дыңшанын
Эки жылдык жолунун
Ошонун аркы четинде
Жаратылган жан көрдүм,
Кууп атар аң көрдүм,
Катыны адам, эркеги ит
Ошол жандан өткөмүн,
Жана бир жыл жол басып,
Балааны мүшкүл көп тартып,
Эчен түркүн аң көрүп,
Албан түрлүү жан көрүп,
Чоң Каа-Тоонун бер жагы,
Көөхар чыкчуу кенинин
Ар жагыраак бетинен
Мүшкүл талаа мен көрдүм.
Жан-жүрбөстүн чөлү экен,
Бээжиндеги кытайлар
Дыңша-Талаа дээр экен.
Ошол чөлгө барганда
Эки колум байлоодо,
Эки көзүм жайноодо,
Чөлдүн жайын сурасаң,
Кумга койсо казаны
Куркурап чыгып кайнаган.
Эт бышымы болгондо
Кашык суусу калбаган.
Ошол чөлдөн өткөндө
Чымындай жаным чыркырап,
Сайсүйөгүм зыркырап,
Ал-абалым кеткенде,
Каным калып бир кашык,
Этим калып көк жашык.
Бу жоруктан ажырап,
Эңгир-деңгир болупмун,
Дене кайрат, күч кетип,
Акылдарым бүт кетип,
Келесоо чалыш болупмун,
Жаманатка конупмун.
Тулпар чуркап ашалбас,
Белди ашып баргамын,
Туулуп адам көрбөгөн,
Жерди басып баргамын.
Жападын деген белине
Барып алып кезиктим,
Жалгыз көз деген элине.
Ошол турган калкынын
Адам билгис сөзү бар,
Башында жалгыз көзү бар.
Өрттөнүп кеткен ал журттун
Албан түрлүү иши бар,
Кылганы айбан, өзү адам,
Толуп аткан иши бар.
Жылаң аяк, жылаң баш,
Аңтаң калат кайран баш.
Ал адам жайын сурасаң,
Мойнуна арткан жүгү бар,
Боюнда малча түгү бар,
Кайыптан тамак издеген,
Качанда болсо жини бар.
Жаратылган каркыбар,
Калк кыялы момундай –
Жаратылган салты бар.
Ошол журттун кылыгы –
Кашкулак көрсө кармап жеп,
Суур көрсө сууруп жейт.
Карга көрсө кагып жейт,
Жылан көрсө жылма жейт.
Бака көрсө басып жеп

www.bizdin.kg



Ит жээр, бит жээр деп коёт.
Эмине тийип кабылса
Койбой баарын жеп коёт.
Акыл таппай сандалып,
Эчен жылы, эчен ай
Ошол журтта кармалып,
Кубатым жок, дарман жок
Арык болуп калыпмын,
Менде көрбөс эл көрүп,
Мейнет-мүшкүл мен көрүп,
Карып болуп калыпмын.
Акыл чолок, дарман жок,
Семетей сенин аркаңдан
Кыргызды таптым арман жок!»
Деп, ошентип, Акаяр
Капка-Кырга токтоду,
Качанкыны жоктоду.
Теңдиги жок байланып,
Барганын айтты Акаяр
Терең орго бир түшүп,
Калганын айтты Акаяр.
Ит көрбөгөн кордукту
Көргөнүн айтты Акаяр.
Кайрылып калкы кыргызга
Келгенин айтты Акаяр.
Капанын баары чачылып,
Кайгырган жүрөк басылып,
Ошондо турду Акаяр
Акырын баштап, бек таштап,
Акаяр баатыр көп баштап:
«Келгендерден кеп уктум,
Уялаш эле Жамгырчы,
Ошол киши өлдү дейт,
Кайра тартпас чын жайды,
Кайран киши көрдү дейт.
Алөөкөнүн Коңурбай
Таластын суусун бурду дейт,
Жамгырчыны өлтүрүп,
Жапаны жаман кылды дейт.
Береки артык тууган Күлчоро
Атышты арбын салды дейт,
Жамгырчынын Шайымбет,
Ажыратып калды дейт.
Деген сөзгө көңүлө,
Шайымбеттин Акбала
Чорого нике кыйгыла,
Деген сөзгө көнөбүз,
Мелтиреген сулууну
Берен тууган чорого
Белек кылып беребиз.
Акаяр адыл экен деп,
Күлчоро кабарыңа алыңыз,
Берен абам берди деп,
Жамгырчы кызы сулууну
Белек кылып алыңыз.
Ээ, ботом, муну мындай таштайлы,
Эми бер жагынан баштайлы.
Эй, балдар, кармашканың Каканчы,
Кагышты катуу баштапсыз.
Алтымыш катын, тул жеңең
Балдар, айлыңды караан таштапсың.
Бул Искендер тийбес Бээжинге
Эчкимдин алы жетеби,
Буу тозоку Каканга
Беттеп адам барбаган,
Менде тирүү калбаган.
Бекип жаткан белине,
Бек арслан Калча бегине
Коңурбай жайы ушундай.
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган.
Калдайдын уулу капырга
Алтымыш жайсаң кенжеси –
Алөөкөнүн эркеси.
Алыш кылып Калчага
Адам алы жетпеген,
Арыслан тиши өтпөгөн,
Чалышып чама келбеген,

www.bizdin.kg



Чапчышып жүрүп сен эмес,
Манас атаң жеңбеген,
Басташкан аман кетпеген,
Кызыталак доңузга
Ар качандан бир качан
Ааламдын алы жетпеген.
Келберсиген ыктууга,
Кечилдин каны мыктууга,
Таш кайраттуу эренге,
Талыбай жоого кол салган
Эр Коңурбай беренге,
Акылы толук ыктууга,
Айласы жетик мыктууга
Каарланган капырга,
Кайраты толук баатырга,
Эми жаңжалды жаман салгыла,
Күчкө салбай Калчаны
Амал менен алгыла!
Жазы жаак, жалпак тил
Жаңылбаган кептүүдөн,
Ташты эриткен эптүүдөн,
Өзү жыпар бөздүүдөн,
Көрөгөчү болжолсуз
Кеби ширин сөздүүдөн,
Кеп жүйөлү ыктуудан,
Кесири жок, жини жок
Келишимдүү мыктуудан,
Кең көкүрөк, жайык төш
Көөдөнү кең эренден,
Кыйла сөз айтса чыртыйбас,
Көлөктөгөн беренден,
Добул келсе жел тийбес
Барикти токой чынардан,
Качырганын кайсаган
Каракашка тынардан,
Маңдайында шамы бар,
Айтканынын багы бар,
Жумуру баштуу мендеде
Айтылгандын баары бар.
Карчыгадай илгичтен
Алты мурун ойлонуп,
Адамдын ичинде дартын билгичтен,
Орой чалган ыктуудан,
Дегей чалып жыкчуудан,
Сырды билчу мыктуудан,
Жаманды таштап эренден,
Сан колду жарчуу көзөлдөн,
Узун кулак билгичтен,
Күчкө салбай ык менен
Кыраандан мурун илчүүдөн,
Душман сырын билчүдөн,
Алты ай тынбай жол жүрсө,
Арыбай турган тулпардан,
Бөлөгү карга, ал туйгун
Жазбай илчү шумкардан
Шайлагыла мындайды.
Аргын, кыргыз баары бар,
Сары кан, Бакай кары бар,
Арысландардын баары бар,
Чогуу жыйып алыңар.
Абаңардын акылын
Журтту сында абыдан.
Кыяга салган там эле,
Кызыталак Коңурбай
Кытайдын мыктуу каны эле,
Айла тапчу акылман
Ашкере мыктуу жан эле.
Чеберден элчи салгыла,
Ченебеген манжууга
Чеберлик менен барыңар.
«Сизге кытай болдук» – деп
Кыргыздыкты жойдук – деп,
Калкка кабар салганы,
Кытай турмак кылымга,
Кыргыз турмак урумга,
Кан көтөрмөк болдук деп,
Эптеп алдай салыңар.
Канаты бар кара аттан

www.bizdin.kg



Ажырата салгыла.
Кыйыныңар, шериңер,
Кыйла айзакер эриңер,
Кыйкырып айза салыңар.
Кымбаты Бакай карысы,
Кыраандардын баарысы
Кыргын тийген эмедей,
Кыйрап жатып калыңар.
Тагдыр жетсе өлүңөр,
Коңурбай канын жоготуп,
Кытай журтун бөлүңөр,
Ал Коңурбай өлбөсө,
Кылча калбай бир жаның
Кыргын болуп өлгүлө.
Кыйындап айткан акылым
Кыжылдабай көнгүлө.
Арага элчи салгыла,
Карысы толук капырды
Кан Коңурбай баатырды
Алдап союп салгыла.
Кырк кан эли кытайдан
Кыйын шери Коңурбай.
Бу кытайдын элинен
Кутурган манжуу жоголбойт,
Бу кутурган манжуу жоголбой,
Кыргыздын иши оңолбойт.
Жылмалап акыл салыңар,
Бээжиндин каары эмеспи,
Коңурбай башын алыңар.
Адыраңдап иш кылбай,
Байдасы жок күч кылбай,
Акыл менен барыңар,
Алөөкөнүн Коңурбай
Алдап башын алыңар.
Тыйпыл кылып жыласты,
Тындым кыла салыңар.
Оржоңдогон орой журт –
Андан кийин кытайды
Олжо кылып алыңар.
Бул опсуз Калча жоголбойт,
Опсуз Калча жок болбой,
Күлчоро, сенин башың оң болбойт.
Буйгат кара балбаны
Жандачуңар Күлчоро.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны доңузду
Алдоочуңар Күлчоро.
Аябаган дүмөктү
Салуучуңар Күлчоро.
Алгарасын амалдап,
Алуучуңар Күлчоро.
Бул акылды таппасаң
Бээжиндеги кытайдын
Бели эмеспи Коңурбай,
Бекип аткан Какандын
Шери эмеспи Коңурбай.
Карымактан чирисин,
Казыр өлүп кетсе да
Уялуу Кытай – улуу журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Калкына кабар салуучу,
Шибээ, солоон – эки уруу,
Тыргоот, калмак төрт уруу
Луңку, Дыңка – алты уруу,
Кытай манжуу канча уруу?
Чындап билгич каны бар,
Чымчыша кетчү эр эмес,
Чын балакет баары бар.
Канжаркол дейт калкы бар,
Канча түрлүү алпы бар.
Топон суу каптап сел албай,
Бу аман калган каркыбар.
Уй түгүндөй эли бар,
Уйпаланган капырдын
Уруш кылар эби бар.
Уруусун бөлсөк кытайдын
Түгөнбөгөн кеби бар.
Түп атаң Ногойдон өлгөн Чылаба

www.bizdin.kg



Түгөнгүрдүн кеги бар.
Түп көтөрө баштасак,
Түгөнбөй турган кеби бар.
Акылын тапсаң ушинтип,
Алөөкөнүн Коңурбай
Силерге бир алдатаар чени бар.
Айтканым ушул билип ал,
Арысланым балдар, тилимди ал.
Кытайдын эли кырк уруу,
Кыйшайтпасаң Калчаны,
Кырк уруунун элине,
Кызыталак Бээжинге,
Кыйындап кабар салуучу.
Итжээр менен битжээрин
Лаңтың-таңшың манжуусун
Кутуруп өлгөн Коңурбай
Түк койбой жыйнап алуучу.
Алты ай, бир жыл, күн эмес
Так эле кырк жыл согуш салуучу.
Кытай жайы ушундай –
Кырк жыл кыргын кылычтап,
Кылтайып чети оңбогон.
Сексен жылы кырып ий,
Түк серпилип койбогон.
Кытай журту момундай,
Кайнаган жөө күлүгү,
Чабагы менен чапчыштың
Каканда жатат бүлүгү.
Жалгыз көз деп калкы бар,
Жаңдап койсо жөн эле,
Жан-жабылып адамды
Каптап кетер салты бар.
Мында таңшаң деген калкы бар,
Өлгөн сайын өөрчүп,
Талап кетмей салты бар.
Ыйбы-Шыйбы ошо бар,
Бул өрттөнгөн Кытайдын
Балакети кошо бар.
Адам тилин билгизген,
Ташты талкан кылуучу
Кылыч тумшук били бар.
Ушунун кыйын дөөсү Коңурбай
Кымбатым, балдар, тилимди ал!»
Акаяр абаң муну айтып,
Билбегенди билгизип,
Бул акылга салды эле,
Кең Ала-Тоо жердеген,
Керишип менде жеңбеген,
Иткелдүү сорпо, майлуу эт
Ала-Тоо бек жер жердеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Өлөт десе сүйүнгөн,
Өткүрлүгү билинген.
Суу ич десе, уу ичкен.
Кан төк десе, жин төккөн,
Бөрк ал десе, баш кескен.
Чок кеч десе, от кечкен,
Сурап ичип тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Караңгыда айдаса
Кабылан сындуу жойлогон,
Кагыш десе сүйүнгөн,
Кайран кыргыз элиңиз –
Мунун эр Манас болуп султаны,
Эриксе элик атышкан,
Кымыз ичип, кыз ойноп,
Эркин ойноп жатышкан.
Кара чепкен, ак калпак
Калың кыргыз чуу туруп,
Акаяр келбей биздерге
Акыл келген экен деп,
Ар айтканы чеки эмес,
Макул келген экен деп.
Кытайга азап чуулган
Уруш келген экен деп,
Бул Эр Семетей кыргызга
Бул Акаяр эмес, Кадыр түн
Ырыс келген экен деп.

www.bizdin.kg



Бу берип койгон бак-дөөлөт
Бирөө келген экен деп,
Бул айла тапкыч жүйөкор
Акыл келген экен деп,
Доо чамынса мал бербес,
Жоо камдаса жан бербес,
Боройлогон күн жааса
Бозоруп чаңгыл жел тийбес,
Болжолу жок Акаяр
Бизге боз керешке экен деп.
Акаяр эмес ырыстын
Өзү келген экен деп,
Калың журту чуу туруп,
Түздөн тоодак тебичүү
Кумпай келген экен деп,
Алты ай чөлгө жарачу
Бизге тулпар келген экен деп,
Кыйындардын баарысы,
Кымбат Бакай карысы,
Баабединин бат айтып,
Кыжылдады кыргыздын
Жашы менен карысы.
Козголгону кой айтып,
Жаш кандарын карасаң
Айры өркөчтүү төө айтып,
Шашпагандын баарысы
Айтуяк деп бээ айтып.
Баабедин деп чуу туруп,
Дууну баштап алышты,
Басылбай турган чоң кызык
Чууну баштап алышты.
Бээ сойгону бээ союп,
Дүнүйөнү тең коюп,
Ар дүйнөнү жайнатып,
Кош башына жаңказан,
Үчтөн-төрттөн бөлүнүп,
Кызык тамак кайнатып,
Сүйүнгөндөн чыдабай
Баабедин деп бакырып,
Бирин-бири кыжылдап,
Кел бери – деп чакырып.
Ашкере оюн салышып,
Бирин-бири шылдыңдап,
Ырсаңдашып калышып,
Алты-алтыдан бөлүнүп,
Арын* тартып алышып,
Арбайта колду салышып,
Уурт бултуйта алышып,
Үзүлгөндү улаган,
Эр Акаяр келди деп,
Акаярды калың журт
Аман жүзүн көрдү деп,
Күйүттүн баары чачылып,
Күптүнүн баары ачылып,
Журт чуркурап кубанып,
Адам тапкыс ой кылып,
Кызыл куйрук ар союп,
Кызыкты кыйла баштады.
Тапкан менен ташынган
Акаярга той кылып,
Ортого салып таштады.
Баатыр Манастын уулу Семетей,
Алмамбеттин Күлчоро,
Чубак уулу Канчоро,
Сары кан, Бакай карысы
Дуу коюп чуркурап,
Аргын, кыргыз баарысы.
«Олуядай кол жайган
Бата кылып алалы,
Кайыбынан табылган
Ушул турган Акаярды
Ата кылып алалы.
Мунун Акаяр атын жоёлу,
Калың журтум тил алсаң,
Мураапы атка коёлу.
Мураапы жүрүп кат билет,
Аман болсо, Кудайдын атын жат билет.

www.bizdin.kg



Мурун айтсаң сөзүңө,
Аман болсоң кыргыз журт,
Ушул турган Мураапы
Мураа болор өзүңө.
Жортуулга чыкса жер табат,
Ушул турган Мураапы
Жоголуп кетсе эл табат.
Каз айланбас зоо болор,
Аман болсо Мураапы
Каргылы кара тоо болор,
Өзү касиетти жан болор,
Капырга казат баштасак,
Туу кармаган жан болор.
Кымбат да экен, шер да экен,
Кыстоого түшкөн эр да экен
Күйүккөнүн баскыла,
Кургурдун умачтай көзүн ачкыла!
Кол чыкырып алгыла,
Алтын таажим кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Ушул өңдүү баатырды
Кан көтөрө салгыла!
Мунун күйүтүн күбүп жойгула
Эштек деген кыргызга,
Кан көтөрүп коёлу!»
Олуят чалдын чын уулу,
Кылым журттун булбулу,
Кыргыздардын чынары
Карчыгадай камынып,
Олуят чалдын эр Бакай
Кайран эрдин оозуна
Кайыптан акыл табылып,
Бакай мындай деген соң
Тойго токсон союшуп,
Эштек бүгүн куугандай,
Энеси бүгүн туугандай,
Мураапы атка коюшуп.
Эр Семетей шери бар,
Мунун айта турган кеби бар,
Мурaанын мындай баркы бар,
Муразга жетти каркыбар.
Кара билге жүктөлүү
Алтын күлдүү зор килем
Кыялын көргөн чочуган,
Алтын менен жибекти
Асемдетип токуган,
Килем жайы ушундай –
Айтса кызык мунум бар.
Бир килемдин өзүндө
Токсон арлык куну бар.
Бу килемдин жеке өзү
Кырк жыл суугa чыласа,
Кылтайып чети оңбогон,
Сексен жыл сууга таштаса,
Серпилип чирип оңбогон.
Кимде болот бул арман,
Көтөргөнү көп балбан
Көйкөлтүп келип салды эле.
Токсон балбан көтөрүп,
Чакмак алып беренди
Кан көтөрүп салды эле.
Акаяр аты жоголуп,
Мураапы болуп оңолуп,
Кайгынын баары чачылып,
Капанын баары ачылып,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Манастын уулу берениң
Мураапы бийге кеп баштап:
«Мураапы абам, акка салдың бейлиңди,
Аман таптың элиңди.
Сайылган чынар багыңды,
Куттуу болсун айтам, тагыңды!
Кургурум абам, келипсиң
Кудай ачсын багыңды!
Мураапы абам, кебимди ук,
Белди бекем бууга,
Бет алып казат баштадык,

www.bizdin.kg



Бээжиндин каны Калчадан
Атам Манастын кунун кууга.
Жалпы казат баштапып,
Жаңжалдашып туруууга.
Менин кармашканым Каканчын,
Кадикти жолун чалып бер,
Убалы-сообу болобу
Азыраак кыргыз журтуңдун
Милдетин өзүң алып бер!
Мур аба, туюкка түшсөм жол башта,
Кытайга кирсем, кол башта,
Ыры бөлөк Бээжиндин
Ырын билип келипсиз,
Ырастуу кырк кан кытайдын
Сен чынын билип келипсиз,
Кечээ кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны доңуздун
Сырын билип келипсиз.
Сыр билген сиздей абага
Кыргыздын калкы садага!
Алты айчылык жол жүрсөң,
Ак тулпар оозун буруп бер.
Кытай, кыргыз урушсак,
Былкылдак куурай бышкыча,
Түтүндөп мийзам учкуча,
Чөп саргайып, ай өтүп,
Арадан мынча күн өтүп
Жалбырак куурап кууу болуп,
Жаман бузук чуу болуп,
Идерли жигит, күлүк ат
Байдасы тиер чак болуп,
Мурунку өткөн кыргыздан
Мураага бүткөн эр абам,
Буудандын оозун буруп бер.
Туура казат чыр болсо,
Туу түбүнө туруп бер,
Төгүнбү, чынбы ким билет,
Карарып күйгөн тозоктон
Жаныңды азат кылып бер!»
Калыкка кабар салды эми,
Калык чуулап чуу туруп,
Кадимки күндөй Мурааны
Кан көтөрүп калды эле.
Мына ошондо кыргыз журт
Эл жыйылып, кол токтоп,
Тулпар аттын баарысын
Үчтөн бөлүп айдатып,
Азыкка алган кысыр тай,
Кош башына кайнатып.
Казы кертип, жал жешип,
Кантты кардай кемирип,
Кара чайдан шимирип,
Буусу алтын чатырлар
Кароолду мыктап коюшуп,
Болжолу жок баатырлар
Сары кайкаң талаага
Чатыраш чийип калды эле.
Ээн талаа, бул чөлгө
Ат өргүткөн бул жерге,
Кырк таман ордо салды эле.
Ордону* опсуз салышып,
Кырк кысырак байталдан
Байгесине сайышып,
Утканы союп алышып,
Бу кызыкка каныпып.
Кара-Керүү баткалда,
Үч-Каркыра сеңири
Кечээ, кайкалашып жатканда,
Ошол күндө Мурабий
Аяр аты жоголуп,
Абийир алып оңолуп,
Кеңешкени Бакай кан,
Кеп айтышкан Сары кан,
Акылдашы Семетей,
Артык шери Күлчоро
Алты айга минер буудан таап,
Азып жүрүп тууган таап.
Түш көргөндөй жошулуп,

www.bizdin.kg



Сазаң-Шаң тентип курагыр
Тууганга эсен кошулуп,
Кысырдын семиз тайын жеп,
Кыйла күн турду күн көрүп.
Кечээ, таң кашкайып сүргөндө,
Таңдын арты килтейип,
Жерге жарык тийгенде,
Таңдын муздак жели урганда,
Кол ордунан козголуп,
Сурнай белги кылганда,
Таң супалап турганда
Ошо күнү Мураабий
Ажал жетип күн бүтсө,
Өлбөй адам турабы?
Кабыргадан кагынып,
Мураабий как төбөдөн сезгенип,
Күрпө-күрпө жөтөлүп,
Жаздыктан башты көтөрүп,
Өө деп ийсе оозунан
Өжөк-өжөк кан кетип,
Өкүрүгү таш жарат.
Бакай кандан ал кетип,
Тарса-тарса жөтөлүп,
Таамайлап аа десе,
Кайран эрдин оозунан
Табак-табак кан кетип,
Жаман кейип Бакай кан
Карыядан ал кетип.
Кейип Бакай абасы,
Келип кеткен ажалдын
Көз жумганын карачы!
Мураабий минтип турганда,
Кабылан көкжал алпы бар,
Эрендер жалпы баарысы
Баары чуркап келди эле.
Тегеректеп Мурааны,
Алп, дөөлөрү көрдү эми.
Тилден калып Мураабий
Кайра жанып кошулбас.
Күндө калган Мураабий.
Ал Мураабий баатырдын
Кыйын дартка жолугуп,
Азыр сапар аттанчу,
Узун дартка жолугуп,
Кыл муруту бириндеп,
Көөдөнү кирилдеп,
Аңтарып көзүн алактап,
А дүйнө кетчү немедей
Аңтарылды шалактап.
Он эки сөөк устукан,
Кыймылдабай колдоюп,
Денесин жыйбай солдоюп.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Журт упасын көрбөстөн,
Ушундай экен дүйнө бок!
Ал Акаяр өлдү эми,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран киши көрдү эми.
Эр Акаяр өлдү эми,
Эки келбес дүйнөнү
Эсил киши көрдү эми.
Ал Акаяр өлгөндө
Карган Бакай кан ыйлап,
Калың журттун баары ыйлап,
Эр Семетей шер ыйлап,
Канчоро менен Күлчоро
Чоролоруң тең ыйлап.
Кабырга сөөк бөлүнүп,
Чылгый ичи өрт болуп,
Чыдай албай кыраандар
Көңүлү чөгүп бөлүнүп,
Кармашка кирип кайрылып,
Кайыбынан табылган
Мураасынан айрылып,
Ай төбөдө жылдыздай
Болжолдошуп калган жок.
Чалгынды бирге чалышып,
Чампаңдан жылкы алышып,

www.bizdin.kg



Эрендердин баарысы
Жолдоштошуп калган жок.
Ушул өлгөн Мурааны
Кымкап менен буудуруп,
Кымыз менен жуудуруп,
Замзам* менен жуудуруп,
Зарбар* менен буудуруп
Ырчыларга мактатып,
Ыжыктарга сактатып,
Кошокчуга мактатып,
Кожолорго сактатып,
Чарайнага чаптатып,
Булгаарыга каптатып,
Боз килемге таңдырып,
Борумдатып эр кулду
Боз табыпка салдырып,
Баш-аягын бүктөтүп
Кызыл куйрук кырк нарга
«Кымбат абам сөөгү» – деп,
Кыргыз көздөй жүктөтүп,
Кең-Таластын оюна,
Жылгындуу, Кең-Кол боюна,
Кең Ак-Чийдин үстүнө,
Кара жолдун боюна,
Салаңдаган тумшукка,
Салынып кирген урчукка
Кан Манастын коргончо –
Коргончонун боюнда
Чоң мазардын түбүнө
Алтымыш балбан кетменкор
Акыларына ат берип,
Аянбастан бат берип,
Кымбат баа кырмызы
Акысына бул берип,
Кетмендеп жерди ачтырды,
Топосун тоодой чачтырды.
Көөхар таштан жардырып,
Төбөсүнө берендин
Жарык кылып салдырып,
Ал Акаяр өлдү эми.
Таласта калган ошондо
Калың аргын, көп кыргыз
Калбай чогуу жыйылып,
Кайран эрди көмдү эми.
Жаңжалдашып кайрылып,
Жаңы шерден айрылып,
Өзөн бойлой кондук деп,
Өбөктүү шерден айрылып,
Өрт өчкөндөй болдук деп.
Акаяр аман бар болсо
Калдай уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Чийбейт белек сызыкты,
Айлап-жылдап салышып,
Кылбайт белек кызыкты,
Башташбайт белек бузукту.
Камап Бээжин калаасын,
Көрбөйт белек чарасын.
Бербейт белек эсебин,
Албайт белек кезегин.
Ок өтпөс тонду киерде,
Кыргыз туусун карматып,
Кыжылдаган кытайды
Бээжинге чейин сүрөрдө
Мундай Кудай урарбы,
Кан абам өлүп турарбы!
Каралды тоо кулады,
Акаярдан айрылып,
Мындай Кудай урарбы!
Базарлы жол байланып,
Бул Коңурбай жаны тынабы?!
Кан капкасын басарда,
Казынасын талкалап,
Олжолоп мүлкүн чачарда
Мындай Кудай урарбы?!»
Деп, ошентип, береки
Эр Семетей шер кейип,
Аргын, кыргыз эл кейип,

Кейигендин баарысы
Өз кайгысын жеп кейип,
Кытай, кыргыз урушса
Акаяр жүрбөйт деп кейип.
Эр Акаяр ал болсо,
Акаярдын жанында
Шай колдогон Күлчоро
Чын жөлөгү бар болсо,
Кылбайт беле кызыкты,
Кытайлардын Калчага
Баштабайт беле бузукту.
Берен эрлер баш кошуп,
Бээжин көздөй кол салса,
Короону чаңга жашырып,
Жаңжалды жаман ашырып,
Кандыкты журттан ашырып,
Буланы булап аларда,
Бузукту мыктап саларда,
Мурдагы өткөн Манастын
Ушунтип өчүн аларда,
Бел байлаган бел сынып,
Бекип аткан жер сынып,
Чабыштан өлбөй, өзү өлүп,
Кайран аба өлдү деп,
Калың журт кейип бөлүнүп,
Картайганда Бакайдын
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Калың кол кейип турду эле.
Кароолго чыккан Сары кан –
Эми ошондон кабар алыңар
Эр Коңурбай көкжалдын
Чатагын көрө салыңар.
Алты жайсаң ыктуусу,
Зыйкырчынын мыктуусу
Кечээ, алты балбан тутулуп,
Акаяр алтоон сойгондо
Кеткен экен Чаңдыаяк
Коңурбай канга кутулуп.
Көргөн менен билгенин,
Калдай уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Теңир аркан, көк торго,
Кумурскадай быжырап,
Кайнап аткан көп колго,
Ал Чаңдыаяк барыптыр
Алптарына, дөөсүнө,
Ар согуштун ээсине.
Миңге башчы эренге,
Кол баштаган беренге.
Таштуусуна, канына,
Бүт Бээжиндин баарына –
Кумдай кытай элине,
Бет алганын буй кылып
Өрттөп кетчү элине,
Колдун ээси Калчага,
Эзкара менен башкага,
Карабжы кийген канына,
Калың журттун баарына
Барган экен Чаңдыаяк.
Адам билип, киши укпас
Аябаган дүрбөндү
Салган экен Чаңдыаяк.
Буруп кылган жез найдар
Бул урушка ылайык,
Бурчунан кармап имерди.
Кыйкырыгы таш жарып,
Кырк уруу кытай көп элге
Бузук салып жиберди.
Бул кабарды укканда
Таштуулары, кандары,
Бүт Бээжиндин жандары
Калайманды баштады.
Жалпы илек кол чуу туруп,
Жандан кечип таштады.
Илек кайнап кол толуп,
Бузук түшүп, чыр болуп,
Калдайлары, кандары
Калбай дүрбөп жабылып,

www.bizdin.kg



Эл кыруучу дөөлөрү
Жабдыгына камынып.
Кытайларда кентунду
Кендемеде эл турду.
Талаага салган мунара –
Мунараны сураба.
Толгон кучак бийиги,
Колго белги берүүчү
Мунардагы коңгуроо,
Коңгуроосун бир урса,
Тогуз күндүк жерине
Ашпай-ташпай угулган.
Ырас экен дапдаана
Коңгуроонун тийими,
Жоо кайдалап журт дүрбөп,
Коңурбайдын бүлүгү.
Муну укканда Коңурбай
Аркасында айдар чач
Аркы-терки сүксөйүп,
Майлуу балта сабындай
Бадырайган муруту
Кан иччүдөй сүксөйүп.
Күрсүлдөдү, бакырды
Балбандарын, шерлерин
Баарың кел! – деп чакырды,
Балбандары, шерлери,
Кыйла чуңгул карысы
Кыргын тийген эмедей,
Кыйрап түштү баарысы,
Калк ичинде Коңурбай
Оозунан жалын төгүлүп,
Кан иччү түрү көрүнүп.
Сомдогондой кашка тиш,
Калайыктан башка тиш.
Тиштегенде тим эле
Таруудайдан быркырап,
Кайран жандан түңүлүп,
Манжуу, кытай баарысы
Ашып-шашып жүгүрүп,
Жайнап курчап турду эле.
Мына ошондо Коң төрө –
Кылымдын каны чоң төрө
Ач айкырык, куу сүрөөн
Аябай журтка салды эле.
Журт эсинен жаңылып,
Кумурскадай түмөн кол
Түк бири калбай дүңкүрөп,
Түгөл келди камынып.
Түгү калбай жабылып.
Кырк уруудан кырк каны
Кыйла күндөн байкасаң
Артмак болду жаңжалы.
Ай-ааламды буй кылып,
Жаңжал салчу балбаны.
Кой десе тынып коюучу,
Козгол десе чоң каны
Кез келгенде союучу,
Кынжысы бар балбаны
Кыйратып мүшкүл салучу,
Албан түрлүү адамы
Каптап келип турду эле.
Калың кол курчап турганда
Алөөкөнүн Коңурбай
Катуу кепти кылды эле.
Айландыра кытайдын
Алын койбой шаштырып,
Булуттай учкан Кара атын
Булкулдата бастырып.
Бой-болжолу Калчанын
Темир курчоо себилдей,
Эң чоңдугу Калчанын
Бөлүнгөн тоонун сеңирдей,
Алтын тизгин булкунтуп
Ээлендирип кара атын
Эр өлгөндөй жулкунтуп,
Кыйкырыгы таш жарып.
Кудай бетин көргөзбө,
Бакырыгы баш жарып,

www.bizdin.kg



Катынын кара баскансып,
Куугуну чукул качкансып,
Кутургур жайы ушундай –
Катыны эркек туугансып,
Куугунун чукул куугансып,
Каарды катуу баштады.
Калың кытай, түмөн эл
Каарына чыдабай
Кырылып кете таштады.
Кол ичинен бөлүнүп
Көк ала сакал манжуу эр
Арыслан түрү көрүнүп
Атаңдын көрү, калың эл,
Мен Коңурбай болгону,
Коңурбай атка конгону,
Керүүгө салып там болуп,
Кечилге мыкты кан болуп.
Кармашпаган жан калбай,
Кагышпаган кан калбай.
Мен баспаган жер калбай,
Мен кырбаган эл калбай.
Кеңири жерге туулдум,
Кебездеп белди буундум,
Кулак угуп, көз көргөн
Жерге салдым чуулган,
Бек беттешип айза урган
Элге салдым чуулган.
Кырк уруу кытай Бээжин журт –
Кыркың кырк бөлөк тууган
жан элең.
Эбим менен эл кылдым,
Бу Каканчы Бээжинди
Эптеп жүрүп жер кылдым.
Ботом, мен Чаңдыяктан көп уктум,
Ботом, өзөгүмөн өрт чыгып,
Өз элимден жоо чыгып,
Сырты кара бурутка –
Бурут деген журутка
Сырымдын баарын ачыптыр,
Менин артыма азап салыптыр.
Түбүмө чогуу жетиптир,
Кырк төрөмдү өлтүрүп,
Кароолго чыккан Акаяр
Адам, бурутка качып кетиптир.
Менин кара жолум коо болуп,
Калдайлардын каны эле,
Балбандыгы бар эле.
Акаяр маа жоо болуп.
Топурак куюп күбүмө,
Тозоку тууган кызталак
Жеткен экен түбүмө.
Ырдаган экен ырымды,
Кызыталак ал бурут,
Айткан экен чынымды.
Бууган экен жолумду,
Бурутка мындай деп барып,
Кылган экен сонунду,
Айылы Какан Бээжинди
Аралап жүрүп билиптир,
Беттешкенде бурутка
Кызыталак Акаяр
Безейин деп жүрүптүр.
Көп эле жүрдүм Кытайга
Этейин деген экен го,
Сырымды билип кутургур
Сырттан кыргыз элине
Кетейин деген экен го.
Чоң күрөңдүн оозун
Бурайын деген экен го,
Чоң балбанын кыргыздын
Жыяйын деген экен го,
Чоп-чогу билип сырымды
Чоң жаңжалды кытайга
Кылайын деген экен го.
Алп-дөөлөрүн кытайдын
Кырайын деген экен го,
Таш сайындым Кытайга
Далай жылы кан болуп,

www.bizdin.kg



Этейин деген экенго
Элдин сырын чын билдим
Эптеп жүрүп түбүнө
Жетейин деген экен го.
Элим кыргыз өз журтка
Кетейин деген экен го.
Ушу кыргызга кеткен Акаяр
Дүмөк салды бир далай.
Сындырып кетти белимди,
Аралап көрдү Дыңшаны,
Ал өрттөнгөн куу бурут
Билип кетти мынчаны.
Союп жеди тайымды,
Союлгур билди жайымды.
Бу Каканчыда Бакбурчун
Казына жыйдым бу журтка
Ошо жыйып алган казынам
Чачайын деген экен го.
Чамасы келсе бурутка
Чалкалаган Акаяр
Качайын деген экен го,
Камалып жүрдүм Кытайга
Нетейин деген экен го,
Куйкаланган кутургур
Куптап жүрүп түбүмө
Жетейин деген экен го,
Казына бузуп талкалап,
Чачайын деген экен го.
Бу чамасы келсе бурутка
Чапчышкан жерден чыр кылып,
Бу качайын деген экен го.
Кырк эшиктүү Бээжинде
Кызыталак кырк аяр
Бичик-бичип амалды
Билбей калган экен го,
Жоо болорун буруттун
Билбей калган экен го.
Кечээ, жоболоңду салганда,
Олжого кармап алганда
Эки түгөй кара көз
Оюп салбай не болдум,
Эл экен дебей чочкону
Союп салбай не болдум.
Кечээ, Бээжинге айдап барганда,
Зуу кудукка салганда
Зуу жанында чоң сынчы
Жакшы көрбөй өрттөнгүр
Балаага калган экен го.
Жаза көрүп өрттөнгүр
Талаага калган экен го,
Жакшы көрбөй Аярды
Кокуй болгон экен го,
Душмандыгын биле албай,
Сокур болгон экен го.
Кечээ, зуу кудукка түшүрүп,
Каркыттап арак ичирип,
Өзү сулуу, бото көз –
Айткан сөзү ширин сөз.
Кырк кыз жыйнап алганда
Коюнуна салганда
Агарат десе Акаяр
Боолашып жүргөн экен го,
Тышы – кытай, ичи – жоо,
Итиң жоолашып жүргөн экен го.
Чамасы келсе бурутка
Кызыталак өрттөнгүр
Кайткaны жүргөн экен го,
Кысталган жерде бир мүшкүл
Ушу турган Кытайга
Айтканы жүргөн экен го,
Муунун жууса кеткис бир дүмөк
Кеби калган экен го,
Кечээ, эр Жамгырчы өлгөндө
Бул өрттөнгөн кызталак
Кеги калган экен го,
Кайгуулча чалып, жер кайгып
Кызыталак буруттан
Келе калган экен го.

www.bizdin.kg



Коңурбай мындай болду деп,
Ичимдеги сырымды
Билип алган экен го.
Колу мынча жатат деп,
Шумумду алган экен го,
Менин балбандарым өлтүрүп,
Олжого келген Буурулду
Муунумду алган экен го.
Атам бурут мындай деп,
Кызыталак Акаяр
Кайта барган экен го,
Ичимдеги сырымды
Ошол жаткан бурутка,
Бурут деген журутка
Айта барган экен го,
Бу кызыталак Акаяр
Сүйлөсө кытай тилинде,
Бу бурут экен зилинде,
Калдайың чыгып, алпым кел,
Бүгүн кармашты катуу салалы,
Калың кытай жалпы кел!
Өр таянган чеп эле,
Кытайдын журту көп эле.
Чумкуру ылдый бас эле,
Буруттун калкы аз эле.
Калың кытай калкың бар,
Бурут түгүл көп элди
Кыргын кылар салтың бар.
Жети бөрү бир койду
Таласа тарпын коёбу?
Жетимиш киши бирөөнү
Сабаса тарпты коёбу?
Кытай милек, кыргыз аз
Урушуп каптап баскыла,
Буласын булап алгыла,
Бузукту дүмөк, чоң жаңжал
Бул бурутка салгыла.
Тоо-ташына камагын,
Кыргын салып талагын,
Бурутка алың жетпесе,
Кыйыныңар каныңар,
Кыргын тийген немедей
Кырылып кет баарыңар!
Топон баспас көп кытай
Толкусаң жоону алабыз,
Талкалашып кырышпай,
Далай күнгө урушпай,
Каканга кантип барабыз.
Кызыталак бурутту
Кыйындарын кыргыла,
Кыйын мүшкүл салгыла!
Кыл эмесин таштабай
Журтун олжо кылып алгыла!
Тирелишип урушуп,
Айгай артык дуу кылып,
Ач айкырык, чуу кылып,
Аябай дүмөк салгыла,
Ушул кызыталак бурутка
Кыйын жаңжал кылгыла!
Кытай үчүн, эл үчүн
Кытайдын каны Коңурбай
Журтум, кыйының Калча мен үчүн!
Айлап-жылдап урушуп,
Алы канча билгиле.
Безилдетип бурутту,
Ызы-чуу кылып жүргүлө.
Кыз-катынын чуулатып,
Кызыл уук кылгыла,
Кыл эмесин таштабай,
Кыйырын бузуп кыргыла.
Коломто чаңын чыгарып,
Басып малын сойгула.
Атка минер ыктуусун,
Айылда чечен мыктуусун,
Эң көрөгөч даанышын
Эл бийлеген карысын,
Койбой кыргын баарысын!»
Деп, ошентип Коңурбай,

www.bizdin.kg



Дүмөктү жаман баштады,
Алп-дөөсүнүн баарысы
Жандан кечип таштады.
Акыл таппай калбады,
Кырк уруу кытай көп журттун
Кыл эмесин таштабай,
Кыйыны Калча айдады.
Калча бери айдаса
Колду катка салышып,
Капырай кол эсебин алышып,
Калың кытай какайлап,
Жайнап чыгып калды эле,
Колдун артын Эзкара
Айдап чыгып калды эле.
Миң адамга бир адам
Башчы болуп калды эле,
Сан адамга бир адам
Жакшы болуп калды эле.
Журт кыжылдап, эл толуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Аңдасаң түмөн кол болуп.
Жер айрылып, дуу толуп,
Асман жарган чуу болуп.
Алгарасын алкынтып,
Астында Калча жөнөдү,
Калк ичинде балбаны
Аламан коюп келеди.
Канча уруу баатыры,
Кан төгүчү капыры,
Кыйла колдун баарысы,
Кайран жанды аябай
Эзкара сындуу карысы
Жер бузулуп кылкылдап,
Жерге батпай кажылдап,
Шашып кытай келди эле.
Чоң-Айгыр-Жал, Үкүрчү
Басып кытай келди эле,
Адыр-күдүр, чел адыр
Айдап кытай келди эле.
Үч-Каркыра, Чоң-Чарын,
Жайнап кытай келди эле.
Жөө туман учуп бөлүнбөй
Асман ачык, жер туман
Күндүн көзү көрүнбөй,
Доор-кыямат болгондой,
Жабыла кытай кол салса,
Жан-жаныбар макулук
Бирөөн койбой соргудай,
Ал кытайдын ичинде
Бирөөнүн тилин билбеген,
Кыркы кырк уруу болуп сүйлөгөн
Албан түрдүү калкы бар.
Колу тийсе жок кылган,
Албан түрлүү алпы бар.
Адам тилин билбеген
Бу кайдан чыккан каркыбар?
Бул ай-ааламды буй кылган
Берени Калча каны бар.
Белеске келди белсенип,
Так эле пери ургандай теңселип.
Жайнаган колду сурасаң
Кулан көрсө кууп жеп,
Жейрен көрсө жетип жеп,
Теке көрсө терип жеп,
Солоондон түркүн кол айдап,
Жер быжылдап кол жайнап,
Жетмек болду шор кайнап,
Каптап кирди калың кол.
Колу жакын киреде
Кароолдогу Күлчоро
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Колун суура малынып,
А дүйнө кеткен Манастын
Арбагына жалынып,
Каптаган колдон чочунуп,
Суркоёнду токунуп,
Бөрү ашпаган бел менен,

www.bizdin.kg



Бөлүнгөн жалгыз жол менен
Алтын түркүк чатырга,
Ашып-шашып Күлчоро
Жетип келди заматта
Эр Семетей баатырга.
Каарланып бакырып,
Алп-дөөлөрүн чакырып,
Абакелеп бакырып,
Сары кан, Бакай бабасын,
Бакай кандын Байтайлак,
Сары кандын Калыгын,
«Сейилге тиккен ак чатыр
Серпишке кирчү көп баатыр!
Кең-Колго курган бак барбы,
Керилип жатчу чак барбы?
Дардайып жатар чак барбы?
Кең-Колго курган багың жок,
Сенин керилип жатар табың жок!
Уйкудан өйдө туруп ал,
Уруштун жайын айтайын,
Уялаш Абам, угуп ал!
Баатырлар, жер жайнаган калк келет.
Ошол калктын ичинде
Өпкө жарып баш кескен,
Кан Коңурбай алп келет.
Чуңкуру терең ор келет,
Кайран жанга зор келет!».
Деп, ошентип, Күлчоро
Калкка кабар салды эле.
Калк чуркурап, чуу туруп,
Жандан кечип салды эле,
Колду колго бөлүнтүп,
Эр кайратын көрүнтүп.
Албан-албан кол бөлүп
Айбалта чапса эң берен
Ыктууларын бир бөлүп,
Алты сан жоого айза урчу
Мыктууларын бир бөлүп,
Балталашып урушкан
Даңгылдарын бир бөлүп,
Чочубай чапчу чоюнбаш
Камбылдарын бир бөлүп,
Түндө эшикке чыкпаган
Коркокторун бир бөлүп.
Көп сүйлөсө тил укпас
Чоркокторун бир бөлүп.
Жаны калбай зирилдеп
Шашычусун бир бөлүп.
Жоого ыгын алдырып,
Качычусун бир бөлүп.
Кызылдай өртү кечишип,
Өлчүлөрүн бир бөлүп,
Жоого кыргын бир салып,
Кырчууларын бир бөлүп,
Айза жаза сайычу
Чоркокторун бир бөлүп,
Жоону четтеп жүрүчү
Сакчыларын бир бөлүп,
Албан түрлүү кол бөлүп,
Бөлүнгөндүн баарына
Ар башына жол бөлүп,
Эл ошентип турду эле.
Тегиз окшош кулача,
Маңдайында тумарча
Баары тулпар көйкашка
Сур мингенин бир бөлүп,
Сары токум жараткан
Кур мингенин бир бөлүп.
Кылымдан кызык ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Комокойлуу айза алып,
Коржоңдотуп калың журт
Айбалтасын шайланып,
Жоо-жарагын байланып,
Кол токтобой, чуу туруп,
Доолбасты байланып,
Аралаша кетчүдөй,

www.bizdin.kg



Айзанын учу жаркылдап,
Тоо жарылган чуу болуп,
Керней үнү такылдап,
Тулпар атты карасаң
Туу куйругу өрүлүп.
Азаматтар, шерлери,
Жоо бөрүсү эрлери
Так эле Ала-Тоодой керилип.
Беттеп менде келе албай,
Буларды бет алып душман жеңе
албай.
Бил териси доолбас –
Доолбас бекем урулуп,
Кол чуркурап тыйылып.
Очогор менен аталбай,
Кара курттай кытайга
Калың журт турду баталбай.
Журт тирешип, ык болуп,
Жер үстүнө лык толуп,
Эл эмес толгон сел болуп,
Так эле асман ачык жер бүркөө
Тирелишкен кол болуп,
Мунун «Кичи казат» атагы,
Мына кыйындарың барында
Кытайга салган чатагы
Мында кырылбай менде жатабы.
Эрендердин баркы бар,
Журт кайтарып, эл күткөн
Буларыңдын салты бар.
Ичсе канга тоюшпай,
Буларың ар качандан бир качан
Булар кыла жүргөн аркы бар.
Ким көргөн мындай жумушту,
Бул кыйладан бери чоң жомок
Кытай, кыргыз урушу.
Ай-аалам журт унутпас,
Арыслaндардын атагы,
Болуп өткөн бир кезде
Кыраандардын чатагы.
Мунун көбү жалган, көбү чын
Көрүп келген бирөө жок,
Көп эл өзү билбесе,
Мунун жармы төгүн, жармы чын,
Мунун жанынан келген адам жок,
Муну жаткан өзү билбесе,
Илгеркинин жосунун
Жомок кылдык эрмекке,
Бул кайтарган шерлердин
Жоругун айтып бермекке.
Ошондо Алөөкөнүн Коңурбай
Кырк уруу кытай кол айдап,
Мында кырк кандын эли кырк
башка,
Кыргызды талап алууга
Кылымды жыйган көйкашка.
Мына камап Калча келгенде
Кайран жандан түңүлтүп,
Бу кытайың курчап бергенде
Калайык чуулап баарысы.
Калк ичинде Бакай кан –
Айла тапкыч акылман,
Айла тапчу карысы,
Арыслан Бакай муну айтып:
«Калдай уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Айласы толук ыктууга,
Ай-ааламды буй кылган
Акылы толук мыктууга,
Берендерим, шерлерим,
Бет алганды кайсаган,
Белгилүү берен эрлерим,
Кайгуулду кимиң чаласың?
Булукка кимиң көнөсүң?
Бу каарланган капырдын
Эсебин кимиң бересиң?
Жай-жарак кимиң аласың
Желпинип турган капырга,
Желиккен Калча баатырга

www.bizdin.kg



Кана, жекеге кимиң барасың?
Ушу турган аз журттун
Убалы-сообу болобу,
Милдетин кимиң аласың?
Кана, кармашка кайсың барасың?
Буйругун жазса маңдайга
Муңканбай эрен көрбөйбү,
Ажалы жеткен өлбөйбү,
Аласа жакын келгенде
Бек жараткан чын күчтү
Мендеге буйрук кылганда,
Жан алуучу жан алгыч
Барбайта беш кол сунганда
Сүйлөбөй куу тил тутулат,
Өлүмдөн кай жан кутулат?
Жараткандын өзү зор,
Киргизбей койбойт казган көр.
Балдар, жер тегирмен, биз буудай
Жоготпой койбойт кара жер.
Кагышты катуу салыңар,
Ушул карып болгон аз элди
Каарлуу кытай колунан
Ажыратып калыңар.
Маңдай-тескей турушкун,
Айза сунуп, балта алып,
Былчылдашып урушкун.
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Арадан нечен күн өтсүн.
Күн мезгилин албаңар,
Күндө тынып калбаңар,
Кыйланы көргөн карыңар,
Кырылгыла баарыңар!
Кылча тынып калбаңар.
Кытай деген кыйла журт,
Бу көмүлгөн чочконун
Арбындыгы кара курт.
Калдай уулу капырга,
Кармашты катуу салгыла,
Кан Коңурбай баатырга.
Коңурбай кайсап салсаңар,
Бөлөк кытай курусун
Эт бышымга койбойбуз,
Кыргындап тийип кубалап,
Бээжинге чейин ойнойбуз.
Коңурбай жайы ушундай –
Кирсе жоого алдыргыс,
Чеп эмеспи Коңурбай.
Кыян жүрсө бурулбас,
Бел эмеспи Коңурбай.
Кылымдан жалгыз туулган
Шер эмеспи Коңурбай,
Коңурбай жайы ушундай.
Атап көргөн чочуган,
Ар зыйкырдан окуган.
Жоого алдырбас азабы,
Жолуң каткан Бээжиндин
Үзүлбөгөн танабы.
Чынмачынга Бээжинге
Кара капчал сеңири.
Тирүү турса Коңурбай,
Кытай журтка өлүм жок.
Жел тийгизбей тозучу,
Жети мойнок сеңири.
Кең Анжыян туулган,
Керишке салган чуулган,
Он бирге жашы келгенде
Ордо бузуп, олжо алган.
Урунарга жоо таппай,
Он эки түмөн колду алган.
Керишкенди жай кылган
Келберсиген акмакты
Кечилге мыктуу кан кылган.
Келген экен кол айдап,
Ар качандан бир качан
Жыйып колун мол айдап.
Кытай милек, силер аз
Качанда болсо ушул кас.
Өрттөнүп өлгөн бул кытай

www.bizdin.kg



Кырам деп бизди ойлоду,
Ар дайымдан бир дайым
Чоң зордугун койбоду,
Ичип канга тойбоду,
Белди бекем буугула,
Мылтык атып, топ бузуп,
Күн түгөнсө окко учуп,
Кайнап жаткан кытайды
Каканга чейин куугула!
Керешти туусун кыйратып,
Жыгып жерге баскыла.
Кыргын салып кубалап,
Тобуна тозок салгыла,
Толкутуп айдап кытайды,
Бээжинге айдап баргыла!
Кыргындын жайы ушундай,
Кылчайбастан баарыңар!
Карыя Бакай карыңар
Каптап кирип урушуп,
Кылычташып чабышып,
Кыйла мүшкүл салышып,
Кулжуңдашып урушуп,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, балта уруп,
Былчылдашып урушуп,
Канын карап кылыңар,
Өкүлдөгөн кытайдын
Өлтүрүп журтун кырыңар.
Таштууларын талкалап,
Күрмөчөсүн күйгүзүп,
Шерлигиңди билгизип,
Айгайлап айза сурбасаң
Маңдай-тескей турушуп,
Барсылдашып урушуп,
Минтип кайрат салбасаң,
Калың кол менен Коңурбай
Каптап кирсе кокустан,
Тепсеп кетет окустан.
Калтырбай журтту кырбайбы,
Кыңшылашып кыздарды
Кызык олжо кылбайбы,
Түпкө чогуу жетпейби,
Кыргын кылып журтуңду,
Бүлүндүрүп мүлкүңдү,
Такыр кырып журтуңду,
Түпкө чогуу жетпейби!
Каарланган кан аты,
Качан болсо ааламга
Бузук салар адаты.
Бузуп белин сындырып,
Тамырын суурул салыңар.
Талкан салып урушуп,
Коңурбайды алыңар.
Коңурбайды албасаң
Кыясы чукул бели бар,
Кытай оңой эл эмес,
Бээжин оңой жер эмес,
Карасаат капырдын
Кыжылдаган эли бар.
Айкырса жүрөк түшүргөн
Баатыр Калча шери бар.
Танабын тартып жойгула,
Кылча калба жалгызың,
Кыйын кыргын болгула!
Кыстоо көрүп момунтип,
Кыйын мүшкүл иш көрүп,
Ар жылында бир катар
Коңурбайдан күч көрүп,
Тирүү кантип турабыз?
Олойгон Калча барында,
Кантип оокат кылабыз?
Бу жол кыргын салбасаң,
Кытай журтун кыйратып
Кеткен кегиң албасаң,
Керишти кенен салбасаң,
Кайра тартса Коңурбай
Какан элин жыюучу.
Каары толук капырың,

www.bizdin.kg



Кан Коңурбай баатырың
Калчаны Кудай уручу.
Капалуу жини кармаса,
Дүңгүрөтүп кытайды
Түгөл журтун айдаса,
Кумурскадай калкы бар.
Куп уруша кеткендин
Жинин төкмөй анты бар.
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түкчө кытай эл ошол,
Түйшүк мүшкүл көп тартып,
Түгөнгөн Бакай мен ошол.
Сандап кытай эл ошол,
Кырышып жүрүп кайрылып,
Кыйындардан айрылып,
Жалгыз калган мен ошол!
Кабыргамды жулдуруп,
Канатым окко алдырып,
Кабыланды сайдырып,
Бек урушуп кайрылып,
Беренден айрылып,
Мейнет көргөн мен ошол!
Балдар, бел алдырсак кытайга
Буурсунду бурдурбайт,
Күтүнүп кирип кыргызды
Ала-Тоого тургузбайт.
Шамыянды шайлатпайт,
Эгин-тегин айдатпайт.
Эркин жайлоо жайлатпайт.
Жазга салым болгондо
Куйруктуу козу жегизбейт,
Жазга жуук болгондо
Жолдуу байтал мингизбейт.
Жердин жүзүн ачтырбайт,
Кочуш тукум чачтырбайт.
Эгин-тегин айдатпайт.
Ээн кулун байлатпайт.
Алөөкөнүн Коңурбай
Астында тулпар Кара аты –
Кара атынын бар эле,
Капталында канаты,
Калайыкка белгилүү
Ал капырдын санаты,
Кезиккенди мент кылган
Ал капырдын адаты.
Каптап калды Коңурбай
Жан аяган оңобу,
Жабыла келген кытайдын
Бир бүлүкту башташпай,
Эренди кырып таштапшпай,
Атты кырып союшуп,
Көздү чукуп коюшпай,
Көп кыргын салып союшпай
Аянган адам оңобу!
Кызыталак Калчага
Кыргын кызып урушпай,
Айза сунуп кооп бербей
Кайнаган элге жооп бербей
Калган адам оңобу?
Аянып калган адамдын
Эгерде эки болобу?
Капыр менен мусулман,
Балдар, кармаштын жайы ушундай.
Түп көтөрө карыңар,
Түгөшкөн согуш салыңар.
Түгүң калбай кырылып,
Түгөл өлүп калыңар!
Кыяматтык кордукту
Көрүп калган экемин,
Кылча калбай эрдигим
Балдар, өлүп калган экемин.
Кара сакал ак болуп,
Кадыр алда кудурет
Калбачудай чак болуп.
Эрендиктен эсил баш
Өтүп калган экемин.
Бек казылган чумкур көр
Бутту салып кирүүгө

www.bizdin.kg



Күтүп калган экемин.
Ооздон отуз эки тиш кетип,
Акыл талып, күч кетип,
Өтүп калган экемин.
Баатыр Бакай мен өзүм
Баатырлыктан, шерликтен
Танып калган экемин.
Кубатым качып, дарман жок
Сөөгүм калып шалдырап,
Кызарып көзүм жалдырап,
Көрүп калган экемин,
Көкжалымдан айрылып,
Ала жат! – деп, көп ыйлап,
Мен өлүп калган экемин,
Кечээ менин дөөлөтүм аман чагында,
Кыяматтык мураапым
Кымбаттуу Манас барында,
Калдай менен шибээсин
Камап турган кезимде,
Кызыл дилде, сары алтын
Талап турган кезимде
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн токмоктоп
Сабап турган кезимде,
Каканчы шаар, Бакбурчун
Дөө, кандарын кыйратып,
Камап турган кезимде,
Жалаң кылыч билекке
Илип турган кезимде,
Көк сүлөөсүн суусар бөрк
Кийип турган кезимде,
Көй төрөсүн токмоктоп
Билип турган кезимде,
Казынада сары алтын
Бу колум сунуп барбайтып,
Кирип турган кезимде,
Азар түмөн колдорун
Айгайлатып Бээжинге
Сүрүп турган кезимде,
Чек чыгарбай кылымды
Билип турган кезимде,
Курдашым аман чагында,
Кубаттуу колуң барында,
Алты капка Каканды,
Бөлүп албай не болдум?!
Тирүү турбай кайран жан
Өлүп албай не болдум?!
Жылкыдан артык Көк тулпар
Минген кезде өлбөдүм.
Күн чыгыш менен күн батыш
Жүргөн кезде өлбөдүм.
Ааламды токмоктоп,
Билген кезде өлбөдүм.
Жетигимдин барында
Жекени жалгыз курчанып,
Жети түнөп жоо келсе
Жеке аралап кол салып,
Мекеден келген жети эшен
Жети жерге орнотуп.
Жети асмандан жоо келсе,
Жеке аралап кол салып.
Табылган экен эсебим,
Менин кеткен экен кезегим.
Кылча калбай барыңар,
Кыргын болгун абыдан.
Баштагыдай баш болсо,
Бакай абаң колунда
Кырк бештеги жаш болсо,
Ак жөөкөр белге курчанып,
Алты сан кытай келсе да
Аралап жеке кол салып,
Таппайт белем чараны!
Түп көтөрө кубалап,
Салбайт белем кытайга
Жан көрбөгөн балааны.
Кыр-белести жөлөнтүп,
Элүү жашта көрүнсө,

www.bizdin.kg



Салбайт белем эрликти,
Кызыл канга бөлөнтүп.
Таалайым Манас барында
Таласты кармап дардактап,
Коңурбай качан келчү эле.
Ушу турган Бакай кан
Кордукту качан көрчү эле?!
Таласта кыргыз жандарым
Таалайга бүткөн балдарым
Кыстоо салган капырга,
Эр Коңурбай баатырга
Керишти кенен салгыла,
Көп кейитпей кыргызды
Каарлуу калктын колунан
Ажыратып калыңар.
Маңдай-тескей турушкун,
Айзалашып урушкун.
Айза сынсын быркырап,
Жан кыйылсын чыркырап,
Кан төгүлсүн шыркырап.
Кармаш оңой болчу эмес,
Кайрат кылгын эрендер!
Эңкейип кетти Бакайың,
Эл атасы эрендер,
Эл койчусу берендер,
Журт кызыгы коргондор,
Журтка мамы болгондор
Жаманың калып, жакшың өл
Ушундай жаңжал көзүң көр!
Тегиз баатыр эренди
Чубатууга салыңар,
Алты миңге киричү
Беренди сынап калыңар!
Беттешкен жоонун адаты –
Жекеге шайлай салыңар.
Айтканым мындай билип ал,
Арыслан Бакай сүйлөдү
Айкөлүм балдар, тилим ал!
Улуксуган каныңар,
Урушту мындай табыңар.
Бука моюн буурасын,
Булкушса жанды кууратkan,
Теминген жакын келбеген,
Тегеректеп түмөн кол
Курчап атып жеңбеген
Баатырдан таап алыңар.
Амыз алчу беренден,
Кайраты мыктуу көзөлдөн,
Момундан камдай салыңар!
Балдар, күрдөөлү кытай эл келди.
Каптап кетсе кокустан,
Каптап кетер сел келди,
Канча мүшкүл эл келди.
Камынбай журт калбагын,
Качып жоодон кетпөөчү
Арысландан шайлагын.
Кыпкызылдай чок күйсө,
Тулпар оозун туптуура
Буруучудан шайлагын.
Айзанын учу кылкылдап,
Жапаа тийсе былк этпей
Туруучудан шайлагын,
Айкырык салып жоого айза
Сунуучудан шайлагын.
Журтум, кара мылтык карс этсе,
Качып берчү болбосун.
Чогол мылтык чорт этсе,
Чочуп кетер болбосун,
Мында бука көөдөн, терс кыял
Шашып берчү болбосун.
Бура тартып сан колдон
Качып берер болбосун!»
Картайганда кан Бакай
Жар чакырып калкына,
Кол кубанып, чуу турду
Бакайдын кылган аркына.
Картайганда абаңдын
Сүйлөгөнү эки эмес,

www.bizdin.kg



Айтканы бекер жеке эмес.
Көзү көрөт алыстан,
Көкжал Бакай абаңыз
Жеке чыгат жарыштан.
Кепке чечен, ишке маш,
Кабылан Бакай даанышман.
Калың журтка бир себеп
Болгон Бакай муну айтып,
Калайыкка темир чеп
Коргон Бакай муну айтып,
Байгамбар чалыш бабаңыз
Бабаңыздын жоругун
Картайганда караңыз.
Ошондо Бакай абаңдын
Ак сакалы чүштөдөй,
Агарып тиши мистедей.
Үйрү өскөн карыдай,
Абакең Бакай момундай.
Караңгы түндө көз тапкан,
Камбыл Бакай эмеспи,
Капыядан сөз тапкан
Даңгыл Бакай эмеспи,
Жана Бакай абаңыз
Ар жоругун караңыз,
Каман жанга табылбайт.
Караңгыда жол жүрсө
Карсак бассын бир жерден
Ай караңгы түндөрдө.
Ошо бир азабы мүшкүл күндөрдө
Изинен Бакай жаңылбайт.
Кулаганды жөлөгөн,
Дүнүйөнүн себеби
Тирөөч Бакай эмеспи.
Түркүк болгон кыргызга
Түнөөч Бакай эмеспи,
Коңурбайдын калың кол
Тозгунуң деп муну айтып,
Тоодой Бакай абаңыз
Билсең мындай шумду айтып.
Акылман Бакай абаңыз
Өлөөрүндө карынын
Бул акылын караңыз,
Ошондо, журт чуркурап чуу туруп,
Бакай кебин эп көрүп,
Аргын каны Сары кан
Сынчы болуп калды эле,
Балбандарды, шерлерди,
Жоого ылайык эрлерди,
Айзага кадис ыктууну,
Айласы жетик мыктууну,
Текши жыйып калысын,
Эрендердин баарысын,
Жүйө билгич чеченин,
Жыйып алып эченин
Жубатууга салды эле.
Журт чуркурап, чуу болуп,
Аз гана эмес бу казат
Асман жарган дуу болуп.
Үйрүлмөлүү, Каркыра
Үйрүлүшүп турушуп,
Чогулмалуу каркыра
Чогулушуп алышып,
Кепти ортого салышып,
Жекеге кай уул барар деп,
Убалы сообу – болобу,
Алакандай бу журттун
Милдетин кай жан алар деп,
Сайышка кай уул барар деп.
Мына ошентип турганда,
Чубак уулу Канчоро
Көктелки минип камынып,
Калың журтка жалынып:
«Тагдыр жетсе өлөйүн,
Жекеге чыгып көрөйүн!»
Ат арытып, жер чалып,
Каарланып жайланып,
Жоо-жабдыгын байланып,
Калыктан чыгып бөлүнүп,

www.bizdin.kg



Айбаттык түрү көрүнүп.
«Сандаган кытай капырга,
Аа кытайдын мыктуусу
Кан Коңурбай баатырга,
Темир аркан тордууга,
Кумурскадай кайнаган
Кутургурдун колуна
Чыгып жолун чалайын,
Кайгуулдун полун алайын.
Жекеге чыгып көрөйүн,
Чамасы канча калкынын
Чардосун чардап келейин.
Күн түгөнсө өлөйүн,
Күрсүлдөгөн Коңурбай
Жалгыз манжуу кезиксе
Мен бир күрсүлдөшүп көрөйүн!
Жеке жолун чалайын.
Калың журт үчүн, калк үчүн
Бир милдетин алайын,
Каза жетсе өлөйүн,
Кайнаган кытай журт менен
Кармаш кыла келейин!» –
Деп, ошентип Канчоро,
Быйыл белди бекем бууйлу,
Быйыл беренсиңген Калчадан
Кыраандар кунун кууйлу!
Өкүмсүнгөн манжуудан
Өч албасак өлөлү,
Ошентип тирүү жүргүчө
Туулбай туна чөгөлү,
Уул болбой өлөлү!
Кайран жан аман турганда
Каруусу толук баатырга,
Каарланган капырга
Кармалашып көрөлү,
Кытайдан жыйып кол алып,
Беттеп турган кези экен.
Каарын чачып кыргызга
Ар дайымдан бир дайым
Өрттөп турган кези экен.
Жайына койсо өрттөнгүр
Өз билгенин кылгыдай,
Өкүлдөгөн кутургур
Калтырбай журтту кыргыдай.
Каарды катуу салгыдай,
Кылча жанды таштабай
Кылычтап башты алгыдай.
Колоп турсак кокустан
Кордукту койдой салгыдай,
Койбой башты алгыдай.
Түп көтөрө куйкалап,
Түпкө түп-түз жеткидей.
Кылча жанды таштабай,
Кыргын кылып кеткидей.
Кыйын эр баш барында
Кыргынга кантип көнөлү,
Кыжылдаган журт менен,
Каарын чачкан эл менен,
Каптап кетчү сел менен
Бир кармалашып көрөлү.
Безенин кармап соролу
Каарланган калк менен
Кармалаша коёлу.
Кан аба Бакай, Семетей,
Катар экөөң батаң бер!
Батаң берсең алайын,
Кара калмак манжууга,
Кармашып, уруш салайын,
Алакандай аз журттун
Жаман-жакшы милдетин
Быйыл бир көтөрүп калайын.
Жекеге өзүм барайын,
Айза имерип, топ бузуп,
Казам жетсе, окко учуп,
Кармалашып көрөйүн,
Бу чымындай куу жанды
Журтка зарып бир кылып,
Эл үчүн кармап берели.

www.bizdin.kg



Каарлуу кытай эл менен
Кадыр алда кудурет,
Бир кармалаша көрөлү.
Сары кан Бакай эки абам
Белим мында турасың,
Күлчоро менен Семетей
Шерим мында турасың,
Чындап төртөөң батаң бер,
Батаңды берсең аламын.
Касташканым Коңурбай
Кармашты катуу саламын.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Тагдыр жетсе өлөлү,
Эр Коңурбай шер менен
Кармаш кылып көрөлү.
Кармашканым Коңурбай
Чоң-Бээжиндин чеби эле.
Кармашканым Эзкара
Кылымдан озгон эр эле.
Атыш кылып окустан
Калчадан өлсөм кокустан,
Көк борчукту союп кет,
Берен чором өлдү деп,
Белгилүү жерге коюп кет!
Өлбөй тирүү жүргөндө
Кой териси уул элем,
Өлүп калган чагымда
Ит териси кул элем!
Кан Манастан куулган,
Каныкейден туулган,
Кай жерде Манас уулу элем?!
Өлүп калсам кытайдан
Артык кейип көрө көр,
Алып келсем бирөөнү,
Султан болуп жүрүүгө,
Эч болбосо аргындын
Калкын бизге бере көр!
Жаман атым оңолсун,
Кул деген атым жоголсун».
Деп, ошентип Канчоро
Бул сөздү айтып турду эле.
Мына ошондо Семетей:
«Канчоро, сендей балага
Менин кара башым садага!
Кул деп айтсам оңомбу,
Бөлмөлөсөм өзүңдү.
Эгерде эки боломбу!
Айзага таккан желектер,
Арыслан Чубак атамдан
Алып калган белектер!
Тулпардан калган туяктар,
Туу казанат чунактар.
Ак болоттон укумдар,
Асылдан калган тукумдар,
Күлчоро менен Канчором –
Астыга салсам ак жолум,
Айдап жүрсө сан колум.
Канчоро менен Күлчоро –
Экөөңдү таап алганда
Тоюңа токсон сойгуздум,
Атыңды уйкаш койгуздум.
Энекем Каныкейдин эмчегин
Армансыз тууган болсун деп,
Экөөңө бөлүп эмиздим.
Жүрөгү майлуу болсун деп,
Туу казыдан жегиздим
Балдар, тууганым аргын, кыргызга
Киминди балан дегиздим?
Канчоро менен Күлчоро –
Эки бирдей шер чором!
Ээрчитип жүрүп, эр кылдым,
Эр уулу менен тең кылдым,
Жаратылган мендеден
Өйдөрөөк шер кылдым.
Жоо бөрүсү көкжалдын
Кимисинен кем кылдым.
Үчөөбүз бирге тууштук,
Чубактын кунун кууштук.

www.bizdin.kg



Чалгынды бирге чалыштык,
Чалгындан жылкы алыштык.
Эбегейсиз эр чором –
Эки эгиздей тең чором,
Кай жерде көңүл калыштык?
Кара тоодой калбайып,
Калк аралап көп жүрөм,
Жанымда болсо бул экөө
Кылымга татыйм деп жүрөм.
Канчоро менен Күлчором
Экөө турса жанымда
Калк баспаган капчалды
Жол кылармын деп жүрөм,
Кытай турмак кылымды
Кыраандар көзү түз болсо,
Кор кылармын деп жүрөм.
Тилге көнгөн калайык
Тилим менен багынтып,
Тилге келбес душманды
Күчкө салып багынтып,
Кор кылармын деп жүрөм.
Жападан-жалгыз башымды
Кыраандар карап турганда
Зор кылармын дечү элем,
Кудай үчүн, мен үчүн,
Куп жетип, уруш салып бер
Туу түбүнө туруп бер,
Туура каптап кол салып,
Балдар, алты ай согуш кылып бер,
Бир дүмөктү салалы,
Мурунку кеткен Манастын
Ушинтип өчүн алалы.
Манастан калган кыргызды,
Ушинтип багып калалы.
Каза жетсе өлөлү,
Кара курттай журт менен
Кармалашып көрөлү.
Түгөнгөн эрдик барында
Ала-Тоону жердеген
Каптап душман жеңбеген,
Өнөгүн жанга бербеген.
Ар качандан бир качан
Күчкө салып күйлөнүп,
Кумурскадай бу манжуу
Сенин жети атаңды жеңбеген,
Жеткилең кыргыз ушу журт
Өнөгүн жанга бербеген.
Өткөрө уруш салабыз,
Кылча калбай жалгыз баш
Кыргын болуп калабыз.
Баатыр да элең, шер да элең,
Күлчоро менен Канчором,
Экөөң катар эр элең,
Кытай кыстоо салган соң,
Каптап келген Каканга
Кимиң барсаң, аның бар!
Экөөңдүн бир кишилик алың бар.
Канга тоюп катыктың,
Кулак угуп, көз көрүп,
Билген жандын баарына
Кабылан болуп атыктың.
Азарланган кытайга
Атышты арбын салгыла,
Атасы болуп бу журттун
Мүшкүл зордук балаадан
Ажыратып калгыла!
Ажал жетсе журт үчүн
Кыргын болуп өлгүлө,
Ата-бабаң жол берсе
Ажыратып бергиле!
Кечилдин каны Калчаны
Чамаңар келсе чапчышып,
Чалкасынан салгыла.
Ит болбосоң, ой балдар,
Кармашканың Коңурбай
Канынан жута калгыла.
Кыямат кеткен кыраандын
Балдар, ушинтип өчүн алгыла!

www.bizdin.kg



Белди бекем буугула,
Кутуруп келген кытайды
Так Бээжинге чейин куугула!
Таштууларын талкалап,
Тамашаны салгыла!
Күчтүүсү менен күрөшүп,
Күрмөчөсүн жаргыла.
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйынын көздөп калгыла,
Уруштун жайы ушундай,
Мына ушундай дүмөк кылгыла!
Луңтуңдан, Дыңшадан
Желбегидей кылгыла!
Урушам деп кыргызга
Келбегидей кылгыла!
Алышпай менде жатабы,
Арыслан балдар, мунумду ук
Атаңардын чатагы.
Жеңишпей баатыр жатабы,
Жеке балдар биз эмес,
Ар дайымдан бир дайым
Жети атаңдын чатагы.
Качан болсо бул журтту
Кырамын деп ойлоду,
Кыйланы бөлгөн тентитип
Кылчылдаган кутургур
Бул чатагын койбоду.
Оңураңдап олжолоп,
Кыжылдаган кытай журт
Бул кыргызга тойбоду.
Балдар, башкы болгон бабабыз
Баатыр Кара кан өлгөндө,
Өрттөнүп кеткен доңуздун
Бу күйүтүн караңыз,
Ал Караган өлүптүр,
Кайран кыргыз эл-журтту
Каарын төгүп бу кытай
Камчыга ченеп бөлүптүр.
Ушу кыргыз аз журттун
Бирөөн айдап Эренге
Куйкаланган кутургур
Түшүрүптүр бирөөнү
Эл көрбөй турган тереңге.
Бирөөн айдап Алтайга,
Бирөөн айдап Каңгайга
Кайран журт кордук көрүптүр.
Бирөөнү бирөө таба албай
Каңгырып жүрүп өлүптүр
Кадыр Алда жаратып,
Канкор атам эр Манас
Алыш кылып алты айга
Ордо булап, топ бузуп,
Ойронуң чыккан кытайдын
Он эки миңи окко учуп,
Эл аралап кире албай
Эсен кан канын коюптур,
Орго, Дөңгө, Алөөкө,
Арыслан атам союптур.
Кең Талас күтүп жер кылып,
Азган-тозгон кыргызды
Араң жүрүп эл кылып,
Жалгыз башын туу кылып,
Кулак угуп, көз көргөн
Жердин жүзүн чуу кылып,
Ат семиртип ык кылып,
Аскерин туура кырк кылып,
Кулалы жыйып куш кылып,
Курама жыйнап журт кылып,
Тели кушту куш кылып,
Тентигенди журт кылып,
Ала-Тоодой кайран жер
Эби менен жер кылып,
Ала-Тоонун кыргызын
Эптеп жүрүп эл кылып.
Кармаш кылып Каканга
Калаймaнды баштаган,
Шуру отогот, маржан таш,
Луңтуңдун канын аралаш

www.bizdin.kg



Атаңар кырып таштаган.
Ааламга салган чуулган,
Алмамбет, Чубак, Сыргагы
Асыл атаң көкжалдын
Ырысына туулган.
Айтылбайт сөздүн бекери
Кыргыздан туулуп эр Чубак,
Кытайдан туулуп Алмамбет –
Асыл Манас жөкөрү,
Жекеме-жеке урушуп,
Жер жайнаган капырдын,
Кан Коңурбай баатырдын
Жекесине жеткиле,
Түк эмесин таштабай
Түгөнүшө кеткиле.
Алп-дөөлөрү кыргыла,
Кызыккан экен кытай журт
Так жети жыл кыргын кылгыла.
Каза жетип күн бүтсө,
Кармашып жүрүп өлгүлө.
Зордукчу экен Коңурбай,
Бу балаасын көргүлө.
Элине бейпай салгыла,
Эсиң болсо кыраандар
Эскирген өчтү алгыла!» –
Деп, ошентип Семетей,
Ал Канчоро балага,
Оомийин! – деп кол жайып.
Кол чуркурап турду эле,
Сары кан, Бакай бабасы
Кол көтөрүп калды эле.
«Кыргызды Кудай үстүн кыл,
Кайраттанып келиптир
Калчаны Кудай асты кыл!
Алмамбет, Манас, эр Чубак,
Балдарыңды колдой көр,
Жолун Кудай, оңдой көр!
Кармашканы Каканчы,
Кармашканы баратат
Кадыр Алда, оңдой көр!
Деп, ошентип Бакай кан,
Эл ичинде карысы
Чуркурап бата берди эле,
Аргын, кыргыз баарысы.
Алышка чыккан канча дөө,
Түптү Манас айкөлдөн
Азыкка алып чыгарган
Түгөнбөй турган канча бээ.
Алты жылы туу калган
Алачыктай ак боз бээ,
Кечээ, кабарыңда бар бекен,
Ай туягын айтууга
Алып чыкты жетелеп.
Кечээ, чыңырып боздоп зар ыйлап,
Чын Каныкей энеси,
Беренге берген арынап.
Толтосу көөхар, сары алтын
Алты миң нар, миң тайга
Сатып алган Актинте.
Берен уулга керек деп,
Кындан сууруп алды эле,
Кыйла күчтүү боз бээни
Кулагы менен көкүлүн
Кошо кармай калды эле.
Былкылдатпай ал бээни
Жыкпай туруп ал бээни
Коркурата чалды эле,
Кош, аман бол! – деп чорону
Жекеге шайлай салды эле.
Жетиктерден бата алып,
Жекеге чыкты Канчоро.
Кытайды көздөй кайрылып,
Эми кыргыздан кетти айрылып.
Оркойгон тоонун кысыкка,
Оңурайган тумшукка,
Айырмачтай Акызга,
Ат өтпөй турган жапызга
Жалгыз жолдун Мөмөгө,

www.bizdin.kg



Журт чогулчу дөбөгө,
Кара-Тоонун сеңирге,
Калк көрүнчү жерине
Көкборчук оозун бурду эле,
Жекеге карап турду эле.
Кашатчада караанча –
Караанча десе сел экен.
Караан тартып калкылдайт
Каптаган кытай эл экен.
Дүмүрөйгөн былкылдак
Токойбу десең эл экен,
Толкуп кытай тозоку
Каптап калган кези экен,
Былкылдаган караанча
Камышпы десе айза экен.
Караса көзгө илинбейт,
Камгак учкан эмедей.
Кудай бетин көргөзбө,
Кайсы экени билинбейт.
Жер-суу бузуп, чаң учуп,
Чаң тумандап жылдырып,
Чаңдын алдын карасаң
Сурнай кулак тундуруп.
Аз гана эмес, мол болуп,
Жер жайнаган кол толуп,
Кырдан булут сөгүлүп,
Кол алдында Коңурбай
Көк ала тоодой көрүнүп.
Баатырын жыйнап, алпты айдап,
«Алышарым бурут» деп,
Албан түрдүү калкты айдап,
Толкуп айза ыргалып,
Тору ала желек булгалап.
Керней үнү такылдап,
Жезнай үнү какылдап.
Колу чубап дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп.
Кол алдында Коңурбай –
Үйүң күйгөн доңуз ай.
Көк күбөдөй тон кийип,
Этеги жайык көк күбө –
Ок өтпөгөн бек күбө,
Көк күбөгө тактырган
Көөхардан топчу муштумдай,
Кандуу моюн Калчанын
Көрсөң түрү ушундай.
Көк күбөнү жамынып,
Көп деп жоого камынып.
Көрчү болсоң Коңурбай
Көк арыландай чамынып.
Улугуна, канына,
Бүт Бээжиндин баарына
Каарды катуу баштаптыр,
Каарына чыдабай
Каканчы эли чуу туруп,
Бузулуп кете таштаптыр.
Колдун арты сүрүлүп,
Колдун алдын карасаң,
Кокуй жандан түңүлүп.
Ошондо, белгилүүлөр бетинде,
Берендери четинде.
Айзалуулар бетинде,
Арыландары четинде.
Караан болчу жамандар
Качып кетчү немедей,
Кайра тартып кылчактап,
Келе жатат артында.
Үйдөй чокмор колго алып
Билге минген балбаны
Ааламдан бир сапар
Ашкан окшойт кызталак
Коңурбайдын жаңжалы.
Кол алдында аземдүү –
Кынжылалуу балбаны.
Кынжысынан бошонсо,
Катылгандын жөн эле
Чыга турган далдалы.
А балбандын артынан

www.bizdin.kg



Үйдөй чокмор кол алган,
Көз болгонго чуу салган,
Керишке ыктуу жаңжалы,
Кесиреттүү чочконун
Келе жатат момintип,
Албан түрлүү балбаны.
Буйрук берсе Коңурбай
Ааламды буй кылып,
Балбандары жабылган.
Мунун желдеттери жети илек
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган.
Жердин үстү чуу болуп,
Мунун желдеттери жабылган.
Адам көрсө таң калган,
Албан түрлүү балбаны
Ашкан экен ааламдан,
Коңурбайдын жаңжалы.
А балбандын артынан
Албан түрлүү көп келет.
Айбан, адам дебестен,
Көрүнгөндү жеп келет.
Бурулушуп чуу туруп,
Бузулуп кетчү немедей,
Бурут кайда деп келет.
Мунун моюнунда жүгү бар,
Беттеринде түгү бар.
Кармашканды чийки жеп,
Каптап кетчү жини бар.
Албан түрлүү калкы бар,
Карасаң мынча баркы бар,
Катылганды жөн эле
Канын төкмөй салты бар.
Беттесе бейпай салабы,
Беттешкен аман калабы.
Алып келген сан колу –
Ааламды бузат болжолу.
Буза турган болжолу –
Алып келген көп колун.
Аталары ал колдун,
Атасы бейжай долусу.
Алышкан менен ал жетпес,
Айбанга чалыш доңузу.
Энеси кытай жалабы,
Өрттөнүп кеткен бу журтту
Эңкейтип адам алабы?
Жер бузулуп козголуп,
Албан түрлүү кол болуп,
Көрүп турган адамдын
Боконо сөөгү болкулдап,
Бокту ичеги солкулдап
Жөн эле жүрөгү түшөт солкулдап.
Адам көрсө кытайдын
Акылынан шашкыдай,
Кечип таштап куу жандан
Кез келген жакка качкыдай.
Камыш айза куулдап,
Жазайыл тартып, жаа атса
Жаанын огу шуулдап.
Барабан үнү барсылдап,
Чет-четинен оңбогур
Очогор үнү тарсылдап.
Мубакүлдүү айзаны
Асмандатып аштатып,
Калдай менен шибээнин
Канчалык колун баштатып,
Кол баштаган кандарын
Жөн эле жандан кечип таштатып.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Кол астында Коңурбай
Жөн эле көк аскадай көрүнүп.
Эки көздүн оруну
Соолуп калган көргө окшоп,
Ай маңдайы Калчанын
Бай жайлаган терге окшоп,
Эки беттин ортосу
Суу жүрбөгөн чөлгө окшоп.
Мурунун буткулу

www.bizdin.kg



Жел тийбес тоонун белге окшоп.
Үйүң күйгөн Калчанын
Чамынышы жолборстой
Чалышкан аман болбостой,
Жан жараткан абыдан.
Жаңжууларын шаштырып,
Дөңкөндөтүп кара атын
Уйгу-туйгу бастырып,
Алгарасын алкынтып,
Кутургур оозун бурду эле.
Кол баштаган алпына,
Албан түрлүү калкына
Алөөкөнүн Коңурбай
Буйрук кылып турду эле.
Буйрук сөзүн укканда
Кызыл камчы Тагылык,
Кыжылдаган кытайың
Калбай келди жабылып.
Аламан кылып кетүүгө
Камынышып туруптур,
Албан түрлүү көп улук.
Кол алдына Коңурбай
Каарланып бакырып,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн бакырып,
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын чакырып,
Манжууларын, шерлерин,
Калбай кел деп эрлерин
Өкчөлүү чокой, кең ыштан
Ала-була тон кийген
Эрендерин бакырып,
Жана кара калпак кең чалбар
Караңгы түндө чалмакеч
Калмактын калкын чакырып,
Куйкаланган кутургур
Шибээ журтун бакырып,
Жоо белгиси кагылып.
Баатырлары, алптары
Коңурбайдын алдына
Калбай келди жалпы улук.
Кызыл айза зулпукор
Кынап турду Канчоро
Буу кызыталак Калчаны
Сынап турду Канчоро.
Алда, атаңдын көрү, Коңурбай
Берен да экен, шер да экен,
Бул Бээжинден чыккан эр да экен.
Чоң өтүктүн таманы
Бул он эки карыш сере экен,
Ойрон Манас, кан Чубак,
Азыз кан уулу Алмамбет
Мунун мент кылары эп экен.
Көркөмүн көрсөң Калчанын
Көзү көп-көк темирдей,
Мурутунун кырдачы
Боз учук тоонун сеңирдей.
Сайыла чыккан сакалы
Сарапты тешип өткөндөй,
Саатына тийсе бул Калча
Ааламды кырып кеткидей.
Салаңдап турган муруту
Майлы балта сабындай,
Астыңкы эрди калбайып,
Калдайчындын кабындай.
Каарланып какайса
Кайран башка күч туруп,
Кармашаардын белгиси –
Доолбасты үч уруп.
Төрөңүз Калча бетине
Төрт элидей муз туруп.
Каарланып жайланып,
Кардап өтчү булуттай
Каары бетине айланып.
Алтын найлуу канжасы
Анда-мында коркурап,
Коё берсе түтүнү
Адам, кол ыштыктай буркурап.

www.bizdin.kg



Жетигиндин оозунан чыккан түтүнү
Жерди туман чаң алып,
Жетимиш кытай, сан калдай
Алапайын табалбай,
Бирөөн бирөө жетелеп.
Адашып турду чуркурап.
Капырай, көз үстүндө кара каш –
Көркөмүн көрсөң оолак кач.
Жана тиктеп караса
Жаткан төөдөй кашы бар,
Жаратылган кызыталак
Адамдан бөлөк башы бар,
Эңчер бойлуу, кең далы
Адамдан бөлөк баркы бар,
Бу көк ала сакал чоң манжуу
Мендеден бөлөк каркыбар.
Темингиси булгаары
Теминген сайын телпилдеп,
Жолум үйдөй кара чач
Жолуң каткан абаңдын
Аркасында селкилдеп.
Көл ордундай көз айнек
Эки көздө балкылдап,
Жаткан ардай шуру таш
Ай төбөдө жаркылдап.
Көк ала сакал манжуунун
Көрө элек экен Канчоро
Көркөмүн көрүп алганда
Көрүп чыдап тура албай,
Жөн эле бүткөн бою балкылдап.
Айбатын салып, оп тартса,
Ажыдаар сындуу өрттөнгүр
Алты таш жерден соргудай.
Алышкан киши буй болуп,
Азыр талкан болгудай.
Чамасы каары жолборстой,
Өрттөнүп кеткен баатырдан
Чалышкан аман болбостой.
Беттегенде шердиги,
Каарланган капырдын
Мендеден кыйын эрдиги.
Коңурбай көрүп таң калып,
Канчоро карап турду эле.
Каарланып чамынып,
Калчаны Кудай урду эле.
Балбандарын бакырып,
«Баарың кел!» – деп чакырып.
«Алты миң кытай, сан калдай
Сен да келгин жаныма,
Адилкечим кырк төрө
Сен да келгин жаныма.
Алакандай буруттан,
Ушул бурут деген журуттан
Калың кол каптап жыйылып,
Балбандарым, шерлерим
Бет алган барып кырылып.
Кетилген экен биздин иш,
Бузулган экен көргөн түш.
Кыргыздан кытай өлдү деп,
Кыйындык көрүп баарысы,
Кытай кайра тартты деп,
Калайыкка кеп болуп,
Кылымда барбы ушул иш?!
Балбандарым, шерлерим,
Жайма такоол эрлерим,
Аламан салып кубалап,
Айлын көздөй сүргүлө.
Алай-булай дегизбей,
Таласка айдап киргиле.
Калтырбай калкын кыргыла,
Кандарын карап кылгыла,
Чалды-куйду түшүрүп,
Куралган ишин бузгула,
Кармашты катуу салгыла,
Корккон жандар кол салбай,
Бирөөң жекеге чыга калгыла!
Кырк төрөнүн кыйыны,
Баарысынын баасы,

www.bizdin.kg



Багдагүлдүн чолпону,
Айзакердин ыктуусу,
Адамзат менденин
Жаратылган мыктысы,
Жебеден мурун жетерим,
Алты сандап жоо чыкса,
Айта-буйта дедирбей
Башын кесип кетерим.
Эрдиги жанга билинген,
Коңурбай канга жолдош деп,
Бир атагың чоң кандын
Даңзасына чийилген.
Ат оюнчу жөө күлүк –
Аламан салган чоң бүлүк.
Бир жаралып келгеним,
Ай караңгы түндөрдө
Жазбай аткан ийнени
Жаратылган мергеним,
Балбандыгың башкача,
Мергендигиң бир канча
Кыргынга тууган кубарым,
Кысталганда чыгарым.
Кыраан балбан эреним,
Каканчылуу Бээжинге
Чын жаралган мергеним,
Белестен агар булагым
Бээжиндин чоң канынан,
Дүмөктү кандын алдынан
Кырк күн таажым бир кылып,
Серпишерим бурут деп,
Сексен күнү чыр кылып,
Сурап алган чунагым.
Таш сайынган манжуунун
Тазасын жыйнап алганда,
Кечээ кан алдына калдайтып,
Чубатууга салганда
Кымбат жайга бактырган.
Бекем күлүк жөө мерген
Бет алганын жайлар деп,
Бет алган тирүү калбас деп,
Дыңшадан келген зыйкырчы
Көрөгөч кемпир сынаган.
Этегиңе кат койгон.
Элге бүлүк салсын деп,
Бет алган жоону алсын деп,
Чаңдыаяк деп ат койгон,
Чаң салуучу аягым.
Кыйкырып жоого шилтөөчү
Кызыл болот таягым.
Жер майышкан бурутка,
Бузулуп кеткен куу журтка
Маңдай-аяк бүгүн бара көр,
Чабышка чыккан бурутту
Чалкасынан сала көр!
Абийирлүү эрин кырып кел,
Баатырларын байлап кел!
Анча-мынча жаманын
Так ошол жерге жайлап кел!
Эр Коңурбай мен элем,
Казыналык чоң мерген
Чаңдаягым сен элең.
Беттешериң бурут журт,
Өрттөнүп кеткен бурутта,
Бул бурут деген журутта
Ак сакалы чүштөдөй,
Устукан сөөгү мистедей,
Амал билгич акылман
Бакай деген кары бар.
Бакай эмес, бурутта
Балакеттин баары бар.
Ошол Бакай жоголбойт.
Ошол Бакай жоголбой,
Кытайдын иши оң болбойт.
Ошол Бакай канды байлай ат,
Серпишке кирсең кулунум,
Семетейди жайлай ат!
Ушул экөө жок болсо,
Ичсе канга тойбойбуз,

www.bizdin.kg



Бөлөк кыргыз бурутту
Эт бышымга койбойбуз.
Кандарын карап кылабыз,
Калтырбай журтту кырабыз.
Өкүмдөрүн соёбуз,
Кулга ылайык жаманын
Өлтүрбөй тирүү коёбуз.
Бул буруттан экөөн жайласак,
Атаңдын көрү Чаңдыаяк
Эркибиз менен болобуз.
Баатырын байкап, шерин кыр,
Күлчоро менен Канчоро
Бул өңдөнгөн эрин кыр!
Кечээ, сен Каканда турганда
Аш кайнатып жечү элең,
Кыргыз турмак кылымды
Талкан кылам дечү элең,
Кыра турган чак келди.
Бу Манастын уулу эр чунак
Тү капырай бөөдө экен,
Атасы Манас айкөлдөн
Артыгыраак өөдө экен.
Мунун телегейи тең экен,
Ар мүчөсү балкайып,
Жер жүзүнөн кең экен,
Жетик Манас канкордон
Капырай, өөдө тууган эр экен,
Баатыр чапчышарың Семетей,
Кармашчу жооң кан Бакай.
Жан кыйбачу болжош ал,
Балам, жаныңа кароол болучу
Аябаган жолдош ал!» –
Деп, ошентип Коңурбай
Чыңыроон тарткан кең жайдан,
Чымчык учпас кең сайдан,
Жоо кутулбас айзадан
Акыл качпас айладан,
Айза сайчу ыктуудан,
Бээжинден чыккан мыктуудан
Түктамандын өз уулу
Сом кара дөөнү берди эле.
Анын балбандыгы чоң кара –
Бар кыялы оң кара.
Алышса дөөнү койбогон,
Өзү бир чочконун этине
Бир жегенде тойбогон.
Балбан болгон башынан
Бу кезиккен дөөнү өлтүрүп,
Баатыр чыккан жашынан.
Бу канына каар баштаган,
Кыябына тийгенди
Кыйратып кырып таштаган.
Алп-дөөлөрдү көп оргон
Оргоктугуң бар эле.
Ичсе канга тойбогон,
Беттешсе менде койбогон
Соргоктугуң бар эле.
Кан алдына катыктың
Канды-жинди көп төгүп,
Дөө кара болуп атыктың,
Атаңдын көрү, дөө кара –
Ат көтөргүс жөө кара,
Эл башкарган калк кара.
Эчени кырган алп карам
Сазаңшаңдын калктарын,
Ошол калк башкарган алптарын
Астыма айдап келгеним.
Кытай бузуларда чыгуучу
Менин журт курутчу мергеним.
Ушул бурутка бузук салып бер,
Алп-дөөлөрүн алып бер!
Быйыл кыйындарын кырып бер!
Бобу кебез белбоо, кең өтүк
Мына ушул кечилдин каны Калчага
Быйыл бир кең кызматың кылып бер!
Мунун кыйындарын кырып бер,
Өзү бөлөк дилинде,
Кызыталак бу бурут

www.bizdin.kg



Бизге душман зилинде.
Бу кабарын уккан сөзүбүз.
Канкор бурут келди деп,
Кабарын уктук өзүбүз.
Бул ар дайымдан бир дайым
Бул атышты сүйгөн бурутту
Төбөсүнөн басалы,
Мунун төрт түлүк малын чачалы,
Таластан тийип бээсин,
Өлтүрүп Бакай дөөсүн,
Жакындаса буруттун
Жайната муштап мээсин,
Чыгарып кел буруттун
Капкайдагы кээсин.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жапаны жаман салгыла,
Кылча бирөөн койбостон,
Кыргын кылып салгыла.
Күпсерден дары күбүлтүп,
Чылгый жандан түңүлтүп,
Өзөндүн селин бургула,
Так өрт өчкөндөй кылгыла.
Кыйындарын, шерлерин,
Кырып ий белин сындырып,
Кылча күчүн таштаба,
Жоготуп жанын тындырып,
Акылманын, шерлерин
Ашкере кармап алгыла.
Берендерин, эрлерин
Бейпайга чогуу салгыла.
Атагың балбан Жөө күлүк –
Беттешсе салгын чоң бүлүк.
Башчыларын байлай ат,
Кутурган окшойт бу бурут
Эрендерин жайлай ат!
Кол алдына карасаң
Сан кол болсо четтеген,
Салышып уруш кылса да
Адам алы жетпеген.
Арыслан тиши өтпөгөн,
Узун бойлуу кең далы
Күмүш кемер курчанган,
Күңгүрөнүп сумсайган,
Энкейиште эр сайган,
Эсеби жок кысталак
Элүүдөн катар тең сайган.
Кең кандагай шым кийген,
Жети милек жоо келсе,
Жеке аралап бир тийген.
Алты лашкер* каптаса,
Жүрөгү сезип качпаган.
Керишкенге мүшкүл күн
Кез болгонду баштаган.
Кыргыз эмес, кытайдан
Кыйын тууган балбан ал.
Кармашканды кайсаган,
Кез болгонду кемирген,
Чып этип ичер суу бербей
Жети илектей жоо каптап,
Кечээ, Таластын суусун бурганда
Жойболот кармап имерип,
Кароолчунун баарысын
Такыр кырып жиберип,
Таш сайынган кытайдын
Тазасы болуп алдады,
Ал өрттөнгөн чочкодон
Башы ачык акыл калбады.
Алмамбет уулу Чоро бар,
Ал кызыталак Чорого
Кез келген киши оңобу?
Каканчыга туулган
Атасы душман Алмамбет
Бизге салган чуулган,
Ошол Алмамбеттен туулган.
Берен да ошол, бел да ошол,
Энеден чыккан шер да ошол.
Айланайын мергеним,
Ошол Күлчорону байлай ат,

www.bizdin.kg



Канчоро көрсөң шайлай ат!
Кызыл-тазыл кийинип,
Зыйкырлык тонун кие көр.
Жашыл ала кийинип,
Ошол кызыталак бурутту
Таласка айдап кире көр!
Ошол Алмамбет уулу Күлчоро
Кыргызга бүткөн туу болду,
Бу кытайга туулган чуу болду.
Эрикпей кырды элимди,
Көп жоготту шеримди,
Көп сындырды белимди,
Мурун кирген Дыңшаны,
Талыкпай жүрүп кутургур
Кыргын кылды мынчаны.
Калтырбай кырды канымды,
Кашайтты жаман жанымды.
Кароолдо турган жеринен
Жөө желдетти кармады,
Миң төрөмдү баш кылып,
Кармаган жерде жайлады.
Айбалта чапчу ыктуумду,
Карап кылып таштады
Канча жолборс мыктуумду.
Талыктырды тазамды,
Көп кетирди мазамды.
Жалгыз жүрүп кутургур
Көп баштады бузукту.
Кайнаган кытай, милек эл
Капырай канча салдык бузукту.
Зазаңша каны Акаяр
Түбүң кыргыз болот деп,
Алдап кетти кишимди.
Атасы душман бачагар
Момунтип бузду ишимди.
Салды эчен шумдукту,
Сакчынын санын өлтүрүп,
Алып кетти Буурулду.
Айтса сөздүн эби бар,
Кечээ атасы Алмаң салышып,
Айза кармап, топ бузган
Кожожаштан окко учкан.
Күрдөөлүү айза молу бар,
Алмамбет кунун кууймун деп,
Мунун ар азап салган жолу бар.
Эптүүлүгү, шерлиги,
Жаратылган эрлиги
Чорого менде жетеби
Кыстоо, жапаа күч көрсө
Эй, куйкаланган кутургур
Кытай болуп кетеби?
Манжуу, шибээ, солоонду
Бардыгын жыйдың мунчаны,
Алыстап айлым конгон жок.
Албан түрлүү алп жыйдым,
Акыры Күлчоро өңдүү болгон жок.
Жуйкур да экен, шер да экен,
Айла тапкыч эр да экен.
Кызара күйгөн чок экен,
Кылымда мындай жок экен.
Атаңдын көрү, Чаңдыаяк,
Маңкүшкө тууну карматкан
Мерген элең ашынган.
Беттеп Чоро келгенде
Белгилүү жерге жашынгын.
Болот ок боорго байлай ат,
Бөлөгүн айтып кетесиң
Ошо Чорону жайлай ат!
Күлчоро туруп жайласак,
Семетей тирүү кармасак.
Серпиш кылар каны жок.
Бакайын байлап алабыз,
Андан бөлөк кыргызга
Так тополонду салабыз.
Бекип аткан бел кетет,
Буруттан эки шер кетет.
Андан кийин буруттун
Айчыктуу туусу жыгылат,

www.bizdin.kg



Кыймылдабай, былк этпей,
Аңгекке башы тыгылат.
Кыңк эткенин кырабыз,
Кызык кылып бурутту
Кыздарын олжо кылабыз.
Баатырларын соёбуз,
Тил билбеген макоосун
Денекул* кылып коёбуз.
Айланайын, Чаңдыаяк!
Боз адырмак тоо жаман,
Семетей менен Күлчоро
Кыргыздан эки жоо жаман.
Бөксө жолун чалыңыз
Кокустан бөлүнүп келсе жекеге
Эсебин эптеп табыңыз!»
Деп, тапшырды Коңурбай.
Коңурбай кеби басылды,
Тору ала желек туу толду,
Кулай жарган чуу болду.
Акыл салбай калбады,
Кынын деген шерлерин
Чубатууга салдырып,
Эренин тандап алдырды,
Доңуз минер чоң алпын
Жоо алдына салдырды.
Кырк уруктан ал болуп,
Кылымды каптап сел болуп,
Ортосунда Коңурбай
Көк тиреген бел болуп.
Калтырбай колду айдады,
Кол жекеге чыгарда
Атка оюнчу, жөө күлүк
Эң эрдиги билинген,
Кытай бузуларда чыгат деп,
Чоң даңзага чийилген.
Туу алдында кан толду,
Кожожаш уулу Чаңдыаяк
Жекеге чыккан ал болду.
Мергендиги белгилүү
Атын уккан чочуган.
Артык мерген, эң мыкты
Кечээ, атасын Манас сойгондо
Бала калып зор болгон.
Кичине жүрүп чоңойгон,
Атагын уккан чочуган,
Чоң зыйкырдан окуган.
Мергендиги, эрдиги
Артык болгон шердиги.
Жоону кайсап катыккан,
Эр Чаңдыаяк атыккан.
Калың колдон кыйкырып,
Аралап чыкты Коңурбай,
Келгенден кегиң алгын деп,–
Кезигише калгандын
Узунунан салгын деп,
Шайлап чыкты Коңурбай.
Кароолчусу карачу
Туу түбүндө мунара,
Тутанып өлгөн капырдын
Бул эрдигин сураба.
Кырып ий деп, жол берип,
Кан ичүүчү балбандан
Миңдей балбан мол берип,
Жекеге чыкты Чаңдыаяк.
Темир аркан торду алып,
Тегиз канжарколду алып,
Чокмор чаап уруучу,
Ачуусуна тийгенде
Ааламга бүлүк кылуучу
Албан түрлүү жанды алып,
Түктүтаман баласы
Чоң кара дөөсүн кошо алып.
Ар жагында түмөн кол –
Түмөн колдон бөлүнүп,
Каза болсом өлөм деп
Атаңдын көрү Чоң кара
Бул Чоң кара эмес чоң балаа.
Кез болгонду кайсаган

www.bizdin.kg



Оргоктугу бар экен,
Бир өгүздү бир жеген
Сорготугу бар экен,
Кармашканды кайсаган
Бүлүктүгү бар экен,
Артык балбан, жөө күлүк –
Бул кыргызга салган чоң бүлүк.
Алөөкөнүн Коңурбай
Жуткучтарын шайлады,
Бу кырылышпай калбады.
Каарды катуу баштады,
Калбай эли чуу туруп,
Кырылып кете таштады,
Чоң караны баш кылып,
Миң балбанды кытайдан
Алган экен Чаңдыаяк.
Кабылганды кайсаган
Балбан экен Чаңдыаяк.
Тилге чечен Чаңдыаяк
Чечендиги дагы бар,
Айзакерден Чаңдыаяк
Ыктуулугу дагы бар.
Жоонун айласын билген абыдан
Мыктуулугу дагы бар,
Кылыч шилтеп, айза урса
Камбылдыгы дагы бар.
Айдын караңгысында
Айзанын учун атса жаңылгыс
Даңгылдыгы дагы бар.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Оолжутуп Чаңдыаяк
Адамдын көөнү бөлүнүп,
Жекеге чыкты Чаңдыаяк
Ала аскар тоодой көрүнүп.
Керигин минип туйлатып,
Келип турду Чаңдыаяк
Кез болгонду кыйратып.
Айры белес кайкаңдан
Ашып чыкты Чаңдыаяк
Капырай, адыр-күдүр кыяны
Басып чыкты Чаңдыаяк.
Капырай, тула бою топчулуу,
Толтойгон бетин карасаң
Көк темир менен упчулуу
Үпчүлүгү бир тогуз,
Үч байланып чамынып.
Топчулугу бир тогуз,
Топчуланып камынып.
Мунун кийгенинде тешик жок,
Кез болгон жанда кешик жок.
Кулжуңдаша кеткендер
Кулагыдай сырайып,
Кармалаша кеткендер
Жөн эле күл болгудай тырайып.
Булчуңу бука белиндей,
Каарланган өрттөнгүр
Кармашканды жээгиндей
Калдаңдаган Чаңдыаяк
Канчорону көрдү эле
Келберсиген Чаңдыаяк
Керүүдө турду бакырып,
«Киришке көөнүң бар болсо,
Бурутум, кел! – деп чакырып.
Чапчышчу болсоң кел бурут,
Чапчышар чамаң жок болсо,
Тирүү туруп нетесиң?
Каарланып какайсам,
Бурутум, талкан болуп кетесиң!
Баатыр болсоң, шер болсоң
Бир алышып көрөрсүң.
Алсыз болсоң бурутум,
Бүгүн сен ажалдан мурун өлөсүң!
Чамасыз болсоң сен бурут,
Кайра тарткын жолуңа.
Жан кыяр жоо келди деп,
Кабарыңды айта бар
Кан Семетей зоруңа.

www.bizdin.kg



Бу тилимди албасаң,
Семетейге барбасаң
Тилегиңе жетесиң,
Тиктеп койсом бурутум,
Талкан болуп кетесиң.
Кыңылдап атып өлөсүң,
Бурутум, кыямат жайын көрөсүң!
Тирүүлүктө кебимди ал,
Тирүү турган чагыңда
Күлчоро, Бакай шериңди ал!
Бу тилимди албасаң,
Талкалаймын жаныңды,
Такыр кырам баарыңды.
Тамыңды түртүп уратам,
Талыңды кыйып сулатам,
Кыз-катыныӊ олжолоп,
Кыйратып журтуң чуулатам!
Каныңды карап кылбасам,
Калтырбай журтуң кырбасам
Чаңдыаяк болбой өлөйүн!
Сени менен бир чапчышып көрөйүн!
Ачуум менен арбайсам,
Алыстан дүмөк саламын,
Буюрбасын мен сени
Коён сындуу аламын!
Менин атам мерген чоң улук,
Тетиги алыстан келдим тоорулуп.
Урунарга тоо таппай,
Желген мерген өзүммүн.
Урушарга жоо таппай,
Келген жандын өзүмүн.
Кырк эшиктүү Бээжинде
Так кайтарып жатамын,
Далай алпты өлтүрүп,
Кызыл канга баткамын.
Мен Каканга тиккен чынармын,
Жеке чоро сени эмес,
Мен ааламды союп тынармын.
Кармашсам караан салармын,
Качырганды кайсаган
Кыл кыйма тууган каманмын.
Каарым келип какайсам
Мен бир эсебин табармын
Атагым көргөн чочуган
Ажыдаардын алдында
Кечээ кабарында бар бекен
Алты сан бала окуган,
Ажыдаардын алдынан,
Алты сан бала кырылган.
Менин атым Чаңдыаяк
Беделим көргөн чочуган,
Жалгыз чыдап окуган.
Дүйнөгө жалгыз келгемин,
Нур төгүлгөн Бээжинде
Капка баккан мергенмин.
Кыйлага кыргын салды деп,
Кызыталак куу бурут,
Сени мен жутайын деп келгемин.
Жылма жатса Какандын
Жылкысын тие качасың,
Өзүң тилеп өлүмдү,
Кызыталак куу бурут,
Сен Бээжинди неге басасың?!
Бейлебей койсом жайыңа
Мейнетти бекем саласың,
Бажыга жыйган сан кара
Баарын тие качасың,
Атышты арбын баштайсың,
Карагулдун сакалын,
Алгаранын куйругун
Неге жулуп таштайсың?!
Билесиңби, ой бурут,
Какандан келген калк кайда?
Ошол калк ичинде алп кайда?
Очогор атса ок өтпөс,
Табылгы жакса чок өтпөс,
Күлдү бадам сыйда тон
Кийишкени келгемин.

www.bizdin.kg



Сенин күйүтүң барды Каканга
Тийишкени келгемин
Толкуган журтту кырдырып,
Томсоруп калчу менменби?
Сен эмес, топон суу жүрбөс
Бээжинди
Тополоң салчу сенсиңби?
Менин берендигим билинген,
Кармашкан жоону алар деп,
Беттегендин баарына
Бир кыргынды салар деп,
Менин берендигим билинген,
Бээжиндеги чоң кандын
Даңзасына чийилген.
Артыктыгым ашкере
Беренице айт, каныңа айт,
Белгилүүнүн баарына айт!»
Деп, ошентип, Чаңдыаяк
Каарын төгүп элеңдеп,
Үйдөй болот балтасын
Түкүрүнүп беленденп.
Айбатын салып арбайып,
Ачууланып барбайып,
Каарланып турду эле.
Муну көрүп Канчоро:
«Жазайылды балааны
Көргөнү келген экемин,
Манжуу кытай элинен
Өлгөнү келген экемин.
Жекеге келген Чаңдыаяк
Эңишпей кантип калайын,
Эри кыйын экен деп,
Эңтеңдеп кантип барайын.
Каалаганым – Чаңдыаяк
Кармаш кылып тартайын.
Отура калып сийбеген,
Этеги жерге тийбеген,
Бээжин калаа жер деген
Өнөгүн жанга бербеген.
Өрттөнүп кеткен жыластын
Балбаны кыйын экен деп,
Шашып кантип барамын.
Баатыр элдин алдына
Качып кантип барайын.
Чындаганда Канчоро
Чылбыр сүйрөп кан болбой,
Же эр өлтүрүп даң болбой,
Же айза кармап топ бузбай,
Же алышып жүрүп окко учпай,
Же чабыштын жайы ушу деп,
Же чакчелекей чаң болбой,
Же бүтүн жерде пайда жок
Былкылдабай ден болбой,
Адам, Чаңдыаяк балбан экен деп,
Улуктарга, шерлерге,
Ай-ааламды буй кылган
Арысланга, эрлерге
Алдырып салган эмедей,
Анталаңдап, энтеңдеп,
Шашып кантип барайын!
Майданга кирип тон тытпай,
Айза кыйрап кан жутпай,
Качып кантип барайын!
Кайраттуу экен, шер да экен,
Ай-ааламды буй кылчу
Канкор да экен, шер да экен.
Мунун аркы атасы чоң улук,
Бул өрттөнүп кеткен кутургур
Атайы келген тоорулуп,
Күрдөлүү эр баш барында
Күчтүүсү мындай деди деп,
Күнүмдү кантип берейин!
Бу күчөгөн окшойт кутургур,
Мен бир күпүлдөшүп көрөйүн.
Алсыз уулдай аңтаңдап,
Амызым кантип берейин!
Айлалуу башым барында
Ит менен алыш кылып көрөйүн.

www.bizdin.kg



Кылычташып чабышып,
Ажалга айла табышып,
Тулпар оозун бурушуп,
Турбай тынбай урушуп,
Күчтүү болсо капырдан
Бөксө адырга жөлөнүп,
Шайман чарчап, ал кетсе
Кызыл канга бөлөнүп,
Өлдүмбү деп ал кетип,
Дене бойдон кан кетип,
Абама анан барайын.
Эри мындай экен деп,
Анан кабар салайын!»
Деп, ошентип Канчоро
Амыз ойлоп калды эми.
Эр Чаңдыаяк баатырга,
Каруусу толук капырга,
Зыйкыры калың ыктууга,
Бээжинден чыккан мыктууга
Бек бет алып Канчоро
Көктелки оозун бурду эле,
Түз качырып кирди эле.
Жоого ылайык доолбас
Күпүлдөтө урду эле.
Кайран энең Каныкей
Кагышка кийген сыйдаң тон –
Арыптап окту сологон.
Муну жасап турганда
Семетей кандын казына
Арбыныраак корогон.
Айза менен муштаса
Кирип кетпей бычырап,
Айзанын учу чатылган.
Айбалта менен бир салса,
Кара жолтой карандан
Алтымыш мылтык атылган,
Ажалга минтип чатылган.
Билбей койсом бекер деп,
Ок жаңылар бекен деп,
Берен энең орогон,
Кичи казат чатагы
Ылайыктап жорогон.
Муну билбей койсом бекер деп,
Иттигимди билер деп,
Окустан өлсө балдарым
Айтылмыш-мыш чын болсо,
Таңды макшар күнүндө
Кара эшек кылып жүрөр деп.
Кең көйнөктүн тазасы,
Зайып аттын бадшасы
Берендигин билгизип,
Баягы бээжай энем кийгизген.
Атышка кийип турсун деп,
Атышып чыгып жоо келсе,
Аябай боюн урсун деп,
Кыйшалаңдап былк этпей,
Душманга каршы барсын деп,
Былчылдашып салышып,
Кармашып мыктап калсын деп.
Каалап кылган ок өтпөс,
Камбыл Чоро кийди эле.
Түпөгү кыл, учу курч –
Учуна салган кара курч.
Болоттон куюп сомдогон,
Сайсын деп жоого болжогон.
Болжолу жок сыр айза
Үңүрөйтүп Канчоро,
Каарланып бакырып,
Каным Манастап ураан чакырып.
Алдындагы Көкборчук
Айза кармап имерип,
Такымга тартып жиберип,
Өлчөп айза сунду эле.
Бөлөкбай кылган сыр айза
А Чаңдыаяк капырга,
Каруусу толук баатырга,
Каарланган капырга
Ок өтпөгөн көк күбө –

www.bizdin.kg



Көк кубө тондун бети деп,
Көөхардан топчу муштумдай,
Көрсөң түрү ушундай,
Көчүгүрөөк чети деп,
Калмак ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Качырып айза урду эле.
Атакеси Чубактан
Артыла тууган чунактан.
Балбандыгы башкача,
Мунун баатырлыгы бир канча.
Кезенип айза сунганда,
Келишкен балбан Чаңдыаяк
Жанын таштап урганда
Камчы салса Көктелки
Ыргып чурап түйүлүп,
Сынып кетпей сыр айза
Түпкүч болуп ийилип,
Бээжинден чыккан Чаңдыаяк
Берендиги билинип,
Кыйшаң уруп, кылк этпей,
Баатырлыгы башкача
Же кыйшалактап былк этпей,
Зыңгырады кенебей
Канчоронун айзасын
Сайдың-койдуң дебестен,
Кындырына теңебей,
Эрдик менен шердикти
Эгем өзү жаратып
Берген экен ченебей,
Чапмак болдуң айласын,
Каарланып какайып,
Чапмак болду кутургур
Канчоронун айзасын.
Уңгусу болот, учу курч –
Учуна салган кара курч.
Мизи карыш жалжайган,
Өрттөнгүрдүн айбалта
Шилтеген жерден кан жайган.
Ашаганда машаган,
Дөөтү менен дос болгон
Казыналык Чымачан
Чымачан уста жасаган.
Козу боор куштан жыйдырып,
Токсон уста балбанга
Токмоктоткон карааңды.
Барскан менен урдурган.
Сабына алтын кердирген.
Мизин улап көрдүргөн,
Уңгусун кылдап толгогон,
Жоого ылайык болжогон.
Жолу каткан Бээжиндин
Чоң устасы оңдогон.
Таш чапса, как жарылган,
Мизинен өрт жабылган.
Кара жаак айбалта
Кармай калып имерип,
Как ортого айзаны
Салып келип жиберип,
Чапкан кезде сыр айза
Как ортодон бөлүнүп,
Керигине камчы уруп,
Өзүң көргөн Чаңдыаяк
Ал Канчоро баатырга
Керилип айза салды эле.
Таамай айза жетти эле,
Таш муштаган эмедей,
Ок өтпөскө тийгенде
Талкан болуп кетти эле.
Кармаш жайы ушундай
Каарды катуу баштады.
Ал Чаңдыаяк сайганда,
Чубактын уулу Канчоро
Ээрден арты кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Чууну мындай баштады.
Чуулганды эр чороң
Кулап кете таштады.

www.bizdin.kg



Эки өңүрү калдактап,
Эки буту шалдактап,
Эси кетип чоронун
Эки көзү алактап.
Кең дүйнөнү өрт болуп,
Келберсиген төрөнү
Бир көрүүгө чоронун
Эки көзү өрт болуп.
Бу дүнүйө тар болуп,
Кырааны Күлчорону
Бир көрүүгө зар болуп,
Ичи-тышы чок болуп,
Чылгый ичи өрт-жалын
Чыдай албай чок болуп,
Окоро түйгөн ак тизгин
Ондоп колго алалбай,
Өбөк жолдош Үзөңгү,
Кайран бутту малалбай.
Көзү алактап, эс жыйбай,
Көргөнү ушул чоронун,
Кыраан Чубак кууганы,
Энекеси тууганы.
Мойнуна тумар такканы,
Семетей берен бакканы,
Мындай кайгы мүшкүлдү
Башка түшүп бөлө элек,
Эр Канчоро болгону
Мындай ишти көрө элек,
Жан койбогон Чаңдыаяк
Жайлап кетер бекен деп,
Кыймылдатпай колумду
Жайлап кетер бекен деп,
Чуулгандуу кызыталак
Чубактын уулу экен деп,
Ай-ааламды буй кылган
Чунактын уулу экен деп,
Эки колум тең байлап,
Эки көзүм тең чукуп,
Байлап кетер бекен деп.
Балбан да экен, шер да экен
Ай-ааламды буй кылган
Аябаган эр да экен.
Чапчышып чамаа келеби,
Муну менен чабышып менде жеңеби!
Чама чарчап, ал кетип,
Көрмөк болду Канчоро.
Эр Чаңдыаяк балбандан
Өлмөк болду Канчоро.
Көрүнө чокмор урганда,
Көп беттешип турганда
Көпкөк темир калканы
Көрсөң балбан ушундай –
Талкан болуп калганы.
Булкушканда ок өтпөс,
Чыккан экен далдалы.
Баатыр Канчоро минтип турганда,
Алтымыш кытай, кырк төрө
Ар жагынан чуу коюп,
Жана келди балбаны,
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Аралашып калганы.
Уйгу-туйгу жекелеп,
Балбан айза саларда,
Чубактын уулу чунакты
Эми байлап аларда,
Туучунак тулпар ат минип,
Туу куйругун чарт түйүп,
Туу кармаган бабаңыз
Эми Сары кан келди караңыз!
Байкуш Бакай кандын Байтайлак
Маңдайына жетти эле,
Козголбогон чоң чууга
Кошулуша кетти эле.
Жар кыялуу жол менен,
Кыргыздан кырк кол менен
Сары кандын Калыгы

www.bizdin.kg



Кечээ, калдайдын туусун кыйратып,
Кыргызга пайдасы тийген жарыгы
Карааны сан кол алыстан.
Эрге ылайык кара көк
Сан кол менен салышкан.
Капталынан эр Калык
Бир жагынан жетти эле.
Кандуу канга канышып,
Былчылдашып салышып,
Эрендин жайы ушундай
Аралаша кетти эле.
Кытайдын кырк төрөсүн
Угуп тур, аңгемесин!
Байтайлак сайып өтүп жүр,
Аркасынан Калыгы
Камынып башын кесип жүр.
Туучунагын туйлатып,
Сайып жүрөт Сары кан.
Бет алганын кыйратып,
Алп-дөө антип турушуп,
Жан аябай урушуп,
Керигине камчы уруп,
Келип жетти Чаңдыаяк
Каар салды бакырып,
Какандап ураан чакырып.
Шамдагайы болжолсуз
Шапылдады Чаңдыаяк.
Араан ооз, сыр жебе
Ала коюп жүз атты,
Айдалыда очогор
Ала коюп миң атты.
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атты.
Аркасында жазайыл
Аны менен миң атты.
Кудай бетин көргөзбө,
Жамгырды көр, окту көр,
Жайнай тийген чокту көр.
Ок алдында томпоюп,
Өлүп жаткан көптү көр.
Жети күнү аралап,
Жетимиш жерден жара жеп,
Көктөн көгөрүп жылдыз тутулду,
Өлөрүндө Сары кан
Сан колдон качып кутулду.
Кыйын экен Чаңдыаяк
Кыргынды кыйын салганы,
Ада кытайдан чыккан балбаны.
Жазайыл огу жаңылып,
Жапаны эчак көрүптүр,
Сары кандын эр Калык
Бечара ок жаңылып өлүптүр.
Калык окко учканда
Бакай кандын Байтайлак
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде Чаңдыаяк
Беренди сайып өттү эле,
Байтайлак балбан сайганда
Сайдың-койдуң деген жок.
Жеткилең экен Чаңдыаяк,
Жөн эле жел тийгендей болгон жок.
Каары келип какайып,
Жолум үйдөй чоюнбаш,
Жолуң болгон капырдан,
Жолборстон оолак кач!
Кара уңгулуу чоюнбаш
Кармай калып имерди,
Бакайдын уулу Байтайлак
Башка салып жиберди.
Каарлуу тууган капырдын,
Кан Чаңдыаяк баатырдын
Чапканында дал жетти,
Төбө сөөгү быркырап
Байтайлактан ал кетти,
Башы кетти быркырап,
Жаны кетти чыркырап.
Кыргын салып Чаңдыаяк
Каарланып бакырды,

www.bizdin.kg



Жан жолдошу Чоңкара алп
Чоңкара алпты чакырды.
Жети батман буудай жеп
Дан жыттанган Чоңкара алп
Жети миң дөөнү өлтүрүп
Кан жыттанган Чоңкара алп
Алты батман буудай жеп
Дан жыттанган Чоңкара алп
Алты миң дөөнү өлтүрүп
Кан жыттанган Чоңкара алп.
Өзү Чоң-Дыңшада туулган
Чоңкара алп келип кирди эми.
Баатырлыгың, шерлигиң
Салбайсыңбы Чоңкара алп!
Таш коргонуң талкалап,
Такыр кылып бурутту
Албайсыңбы Чоңкара алп!
Алптык, шерлик күчүңдү
Салбайсыңбы Чоңкара алп,
Калдайдагы капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Сүйүнчүлөп бул ишти
Барбайсыңбы Чоңкара алп!
Эч болбосо Чет-Бээжиндин кандыгын
Сүйүнчүгө быйыл жыл
Албайсыңбы Чоңкара алп!
Кыргынды кызык салалы,
Бириндетип алптарын
Такыр байлап алалы.
Чубактын уулу чунакты
Качырга байлап артыңыз,
Эзелки кегин алууга
Баягы Эзкарага тартыңыз.
Алты күнү эр байлап,
Аңгемени салсын де,
Кызыталак буруттан
Эзелки кегин алсын де,
Чубактын кылган кылыгын
Ушу чунайгырдан алсын де!
Байлап салып мунусун,
Жана канкордун уулу капырга,
Кан Семетей баатырга
Элине элчи салалы,
Эски оору ушул болот деп,
Иттен эзелки кекти алалы.
Жазайыл атып, жаа тартып
Муну менен Чаңдыяк,
Канчорого жетели,
Зордугуна көнгөн жок,
Күлчородон айрылып,
Алышка келип кайран баш
Торго түшмөк экенмин.
Түшсөм ыргып чыгалгыс,
Орго түшмөк экенмин,
Өлүмгө башым кыйылып,
Адам, жолго түшмөк экенмин.
Адам, кулач урса чыгалгыс,
Сууга түшмөк экенмин.
Курган жан качып кутулгус,
Адам, дууга түшмөк экенмин.
Айыкпаган бир азап
Чууга түшкөн экенмин.
Кайран башка бир мүшкүл
Көргөнү келген экенмин,
Чамаа чарчап, ал кетип,
Денеден кара кан кетип,
Ушул жолдо кайран жан
Өлгөнү келген экенмин,
Киши көрбөс мүшкүлдү
Көргөнү келген экенмин.
Чымындай жанды кытайга
Бергени келген экенмин.
Калайман түшүп, кан өлүп,
Караандардын баары өлүп,
Мындай Кудай урарбы?
Башыма түшүп бир мүшкүл
Көргөнү келген экенмин.

www.bizdin.kg



Адам кыжылдаган кытайдан
Өлгөнү келген экенмин.
Жапа мүшкүл бул элден
Көргөнү келген экенмин.
Менин бел таянган белим жок,
Беренім колго түштү деп,
Же бел байлап кирчү элим жок.
Качып кирер токой жок,
Кара кылар кыргыз жок,
Байкуштугум сында жок.
Атышты мыктап салышчу,
Ажыратып алуучу
Айкөлүм Абам мында жок!
Мүшкүлдү кенен чачууга,
Кабагым жарык ачууга
Минип алып качууга
Астымда тулпар буудан жок.
Тай-кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен
Же Күлчоро өңдүү тууган жок.
Арман кылам сында жок.
Айламды кенен табышып
Атышты арбын салычу,
Ажыратып алычу
Абакем Бакай мында жок.
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан колго алып,
Көк найзасын булгалап
Көкжалым Бакай абакем
Көрүнөө карап турсачы.
Көмкөрүлүп айза уруп,
Көмүлгөн кытай калың журт
Бу зордугун кылсачы.
Ач айкырык, куу сүрөөн
Өзөндүн суусун майлаган,
Өчөшүнө келгенде
Өз атасын жайлаган,
Туланды жерди тутантып,
Кара сууну кан кылган,
Буурулдун оозун бурсачы.
Опол-Тоодой көрүнүп,
Кыны жок кылыч байланып,
Кыргынга жакын жайланып,
Боз кисе белге курчанган,
Алты түмөн жоо келсе,
Өлүмдөн башын аябай
Аралап кирип кол салган,
Ташты бузуп жол кылган,
Далай жерди эл кылган,
Кезиккенди кент кылган,
Алышса жоону мент кылган.
Каарланып качырса,
Белгилүү жерден күч чыккан.
Бегирээк жини кармаса,
Бетинен беш байпактык жүн чыккан.
Сыягы сырттан каары күч,
Катылганды кылган түз.
Карааны мыктуу каары күч,
Канкорум абам Семетей
Кабылан карап турсачы!
Кабылан карап турганда,
Каптап кирип бу кытай
Бу зордукту кылсачы.
Чын берен көзү турганда,
Чыркыратып бу кытай
Анан жаным кыйсачы.
Баштатан ак болот элек кетилген,
Атадан жетим уул болуп,
Азып жүрүп жетилген.
Бир төшөккө жатышкан,
Бир кызыкка батышкан,
Тойго токсонду кармап союшуп,
Аттарды уйкаш коюшкан.
Казыны чайнап жегизген,
Бир эмчекти эмизген.
Жоого кирсек шарт уйкаш,
Элде жүрсөк аты уйкаш,
Тирүүлүктө кыйгандаш,

www.bizdin.kg



Өлүп калсак ыймандаш
Күлчоро жакын тууганым,
Кагылайын курбалдаш.
Коюбуз бирге короолош,
Ашыбыз бирге жороолош.
Эриксек элик атышкан,
Эрикпесек Таласта
Эркин ойноп жатышкан.
Кымыз ичип, кыз ойноп
Кызыкка чогуу батышкан.
Күрөш кылсак билектеш,
Тирүү жүрсөк тилектеш.
Себилди тону сексен төрт –
Шер аталган Күлчором
Серп алган жагы кызыл өрт,
Секиден карап турсачы,
Кырк уруу кытай какан эл
Бу кордукту кылсачы!
Ат уйкаш минтип турганда,
Менин Күлчором карап турсачы!
Чоңкара менен Чаңдыаяк
Зордукту анан кылсачы!
Карап турса Күлчором
Баатырлыкты салсачы,
Калың кытай кырк кан эл
Анан байлап алсачы!
Колго түшкөн кайран баш
Каяша айтып, тил айтпай,
Араң өлмөк экенмин.
Адам, эки колум байлоодо,
Эки көзүм жайноодо.
Эмне кылып иет деп,
Адам, мен арам өлмөк экенмин.
Байлап алса бул кытай
Башыма коок салат, ээ.
Жөргөмүштөй сүйрөтүп,
Жаңжууга алып барат, ээ,
Атасы мындай кылган деп,
Колуна тийсем кырк төрө
Капкайда кегин алат, ээ.
Капчыгай башым жол болуп,
Канзаада башым кор болуп,
Чегеге колум байланып,
Чымындай жаным кармалып,
Өлөмбү кытай колунан?
Ушунтип кор болуп жүрүп
сандалып,
Болкулдай басып аянып,
Болбос болду Канчоро,
Сыр найзаны таянып,
Мына ошондо Чандыаяк
Каар салып бакырды,
Карма бурут кулду деп,
Чоңкара алпты чакырды.
Желдеттери жетимиш
Жерге батпай былкылдап,
Маңгүбөнүн дөөлөрү,
Бүт уруштун ээлери
Каптап кирди быкылдап.
Канжар аттуу калкы бар,
Кармашканды соо кылбай,
Байлап кетер салты бар.
Баатыр тийсе байлаган
Ал кытайдын аркы бар.
Муну менен кытайдын
Колу каптап келди эле,
Чоңкарасы баш болуп,
Чогуу каптап келди эле.
Чаңдыаяк айтты шумдукту:
«Атсыз калган бурутту
Азыр байлап куруткун!
Атаңдын көрү, Чаңдыаяк
Туура сууда кеме жок,
Туйгунуңар Чаңдыаяк
Мунуңар карап турганда
Кытайым саа, өлүм жок!
Берениң мында турганда
Беттеп бурут келеби,

www.bizdin.kg



Бизди бет алып душман жеңеби?
Бармактуу киши батабы,
Атаңдын көрү, Чоңкара
Азыр кылгын кызыкты!
Баатырлары, шерлери
Басып келсе байлайлы,
Бириндетип буруттун
Бирин койбой жайлайлы.
Канына карап салалы,
Андан-мындан келгенин
Калтырбай байлап алалы.
Бегин бейпай кылалы,
Бет алганын кыралы.
Кучтуусун кубуп жайлайлы,
Берендерин кармайлы.
Кармаганын бек байлап,
Атаңдын көрү, Чоңкара,
Биз Бээжинди көздөй айдайлы!
Өткүрлөрүн жыялы,
Өкүмдөрүн жоготуп,
Өрт өчкөндөй кылалы.
Кашатка тартып бу бурут
Желбегендей кылалы,
Кан төрөсүн кыйратып,
Кайра тартып Каканга
Келбегендей кылалы.
Улуктары, шерлери,
Урушка чыкчу эрлери
Колго тийсе бурутту
Калтырбай башын чабалы,
Мунун анча-мынча жиндерин
Такыр койбой кагалы.
Мунун карап кылып күндөрүн,
Казыр кагып кетели
Капкайдагы жиндерин.
Бегине бейпай салалы,
Бектерин байлап алалы,
Беренсиген шерлерин
Кылычтап башын алалы.
Калкына карап салалы.
Дөө-алпынын баарысын
Калтырбай кырып салалы.
Ойноп бурут тургудай
Каканчы оңой жер бекен?
Бет алган жоосун буй кылбас
Кытайың оңой жоо бекен?»
Эр Чаңдыаяк муну айтты,
Эстесең заман шумду айтты.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүнө сүйлөдү.
Чоңкара менен миң балбан
Кармагын деп дүүлөдү.
Казыр байлап алгын деп,
Бөлөк элди күүлөдү,
Чаңдыаяк кебин укканда
Эр Чоңкара баш болуп
Кыйынсыган карысы
Так кыргын тийген немедей
Кыжылдады баарысы.
Кылча жанын аябай,
Кызык каптап кирди эле.
Туш-тушунан кыйкырып,
Түмөндөп кол тийди эле,
Түгү калбай чуркурап
Туш-тушунан кирди эле.
Балбан каптап барганда,
Тегеректеп алганда,
Кыйкырынып чуу туруп
Калың кол дүмөк баштады
Көрүп туруп Канчоро
Кылча жанын аябай,
Жандан кечип таштады.
Ошондо кылыч алып бир санат,
Кылып турат Канчоро.
Ошондо онун, бешин кылычтап,
Кырып турат Канчоро.
Кытай торун ыргытса,
Көнбөй турат Канчоро.

www.bizdin.kg



Кызыталак куу жанды
Кыжылдаган кытайга
Бербей турат Канчоро.
Алек болуп чуу туруп,
Алдырбай чоро турганда
Моюнуна чоң чалма
Салдырбай чоро турганда,
Темир аркан торчонго
Көнбөй чоро турду эле,
Тегиз канжарколчонго
Деңиз тууган Канчоро
Бербей жанды турду эле,
Алысыраак балбанды
Айза менен ургулап,
Антип айла кылды эле.
Кыжылдап жакын келгенин
Кылыч менен тарткылап,
Минтип айла кылды эле.
Каары келип Чаңдыаяк
Капырды Кудай урду эми.
«Атаңдын көрү, Чоңкара,
Алганың мынча кол кара.
Азыр кебим билбесең,
Азыр каптап кирбесең,
Тигинден жерге кир, Кара.
Кыйыныңар, жаныңар,
Кыргыздын бирөөн байлабай
Кыжылдадың баарыңар.
Жалгыз келген бурутка
Жабыла кирип кол салбай,
Жаның барбы Чоңкара.
Кыжылдайсың кытайлар,
Кыргызды байлап ала албай.
Кыргынды кызык салармын.
Кыргыз келген эмедей
Кырып баарың салармын,
Кылычтап башың алармын.
Жалгыз бурут жоо түшсө,
Жабыла качып турасың,
Кана, кырк уруу элдин дөөлөрү
Кимиң эрлик кыласың?
Дүмүрөйгөн кытай журт,
Түбүнө чогуу жетермин.
Түгөл кырып кандарын,
Бурут болуп кетермин.
Силер милек, бу жалгыз,
Атсыз калган чорого
Дүмөктү мыктап салбайсың
Түп көтөрө жабылып,
Же эмгиче байлап албайсың! –
Бул эңүүгө бүткөн чөп экен,
Кытайдын журту көп экен.
Бу канкор Манас талкалап,
Ар качандан бир качан
Кыргандыгы эп экен.
Каарланып жайланып
Өзүң көргөн Чаңдыаяк
Жай-жарагын камданып
Мубакүлдүү сыр айза
Бура кармап алды эми.
Опол-Тоодой керикти
Оң такымга салды эми.
Өрттөй көзү бек жайнап,
Кан ичмеси бек кармап,
Керишти кенен кылды эле.
Келип жетип чорону
Айза менен урду эле.
Ар жагынан Чоңкара
Кенен миңдей кол менен
Чуу туруп турду эле.
Мунун балбандары, шерлери,
Башка-башка эрлери,
Бир уруусу балбандын
Темир аркан торчону
Бир бөлүгү балбандын –
Тегиз канжарколчону.
Бир уруусу балбандын –
Чалма таштаар ыктуусу,

www.bizdin.kg



Бир уруусу балбандын –
Чалышка даңгыл мыктуусу.
Чаңдыаяк мындай дегенде
Туш-тушунан жабылып,
Турбай колун салды эле,
Атсыз турган чорону
Балбандары, шерлери
Баары тегиз жабылып,
Тирүү байлап алды эле.
Башына коок кийгизип.
Эр экенин билгизип,
Карааңды катуу салганы,
Качырга байлап алганы.
Кыймылдатпай беренди
Чарайна менен чаптады,
Кайран көздү көргөзбөй,
Кайран баштын баарысын
Булгары менен каптады.
Качырга байлап арт деди.
Кан Эзкара баатырга
Тартуу кылып тарт деди.
Берен окшойт бу бурут
Бекем байлап салгын деп.
Бээжинге бейпай салганын,
Кырк төрөсүн баш кылып,
Мунун өзүн байлап алганын
Эсинде бардыр Эзкара
Бул бурутка бузук салсын деп,
Капкайда кегин алсын деп,
Мына ошондо Канчоро
Тирүү десе, санда жок,
Өлүк десе, көрдө жок,
Аманбы десе, элде жок,
Эки колу байлоодо,
Эки көзү жайноодо,
Канчоро минтип турду эле.
Кечээ, таң кашкая сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Таң саргарып ачылып,
Жерге жарык чачыла,
Колун сууга малганда,
Калың кол тегиз чуркурап,
Кол-аягын жууганда
Алтын түркүк чатырда
Туучунагын туйлатып,
Турган журтту ыйлатып,
Каарланып бакырып,
Семетей менен кан Бакай,
Күлчоро менен көп кыргыз,
Журт кайдалап чакырып,
Барган экен Сары кан,
Киши укпаган чоң дүмөк
Салган экен Сары кан,
Минген аты Туучунак
Кулаңдай кулак жапырып,
Жүгүргөндө жаныбар
Куюндай жерди сапырып.
Көп ичинде Семетей
Көкжал карап турду эле,
Көргөнүн айтты Сары кан.
Какандан чыгып Чаңдыаяк
Келгенин айтты Сары кан.
Кезигерге кезикпей,
Кез болорго кезигип,
Байтал менен Калыктын
Өлгөнүн айтты Сары кан.
Калың балбан чуу туруп,
Калганын айтты Сары кан.
Айыкпаган чоң мүшкүл
Арманын айтты Сары кан.
Көкборчук окко учуруп,
Көп ичинде жалдырап,
Эр Канчоро баатырдын
Калганын айтты Сары кан.
Жети күндөй аралап,
Жетимиш жерден жаралап,
Калганын айтты Сары кан.
Ичи менен жык толгон

www.bizdin.kg



Арманын айтты Сары кан.
Эрбеңдеген эки кол
Өөдө болбой шал болгон,
Бүткөн бойдун баарысы
Кыймылдабай дан болгон.
Алмадай болгон кайран баш,
Кызыл челек кан болгон.
Бадана тонун тыттырып,
Баласын окко учуруп,
Кагышта жүрүп кайрылып,
Караан кылган Канчоро
Байтайлактан айрылып.
Жаман келген Сары кан.
Аксакалы суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Чиркин, эки көздөн куюлуп.
Кармаштан чыгып кайгырып,
Белге таңып отурган
Берендерден айрылып,
Шашып келген Сары кан.
Кечээ, кармашып жүрүп куурагыр,
Каны калып бир кашык,
Эти калып көк жашык.
Улугу Бакай канына,
Эрендердин баарына,
Айтып барды Сары кан.
Кожожаш уулу Чаңдыаяк
Келгенин айтты Сары кан,
Кезиккен колдор кырылып,
Өлгөнүн айтты Сары кан.
Ичи менен жык-жыйма
Арманын айтты Сары кан.
Жетимиш жерден жара жеп,
Калганын айтты Сары кан.
Адам, Сары кан кебин укканда
Манастын уулу эр чиркин
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Арыслaндай толгонуп,
Адам, шашып амаз окунуп,
Арбуурулду токунуп,
Жоо-жарагын шайланып,
Кылычын кыя байланып,
Кынсыз кылыч салынып,
Кабарын угуп душмандын
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Ата, билеги жоон, таш жүрөк
Манастын уулу канкоруң
Бил мүчөлүү бадирек.
Адам, комокойлуу сыр найза
Колойтуп өөдө аштаган.
Койгулашкан душманга
Коркуп колтук ачпаган.
Бет алдыра келгенди
Мендеден артык кайран шер
Коёндон бетер жанчтаган.
Ата, короздой болгон кайран шер,
Козголбогон кайран эр
Каар салып бакырып,
Күлчоролоп чакырып,
Ок өтпөс тонду кийинип,
Ата, кабылан шердин тукуму
Кайнына барчу немедей
Жөн эле кашкайып күлүп сүйүнүп,
Баатырдын баатырлык жайы
ушундай.
Бул атасынан бабасы –
Түгөттүн келбети мындай карачы.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Өрттөнгүрдүн тукуму.
Адам, кабарында бар бекен,
Ак маралды кубалап,
Уй кылгандын тукуму,
Адам, көк маралды кубалап,
Уй кылгандын тукуму.
Көздөгөн жерди тим эле,
Буй кылгандын тукуму,

www.bizdin.kg



Бул чабышкан жерин буй кылган,
Чаткалга айза орноткон,
Кан Манас шердин өз уулу
Бул кагышкан жерди сойлоткон.
Ойрондун жайы момундай,
Ортолоп Кең-Кол жайлаган.
Бул он төрт атын байлаган,
Атыша чыга жоо келсе,
Астыга салып айдаган.
Ачуусуна тийгенди
Жөн эле азууга салып чайнаган.
Чалышпай куру жүрбөгөн,
Чамасын эч ким билбеген.
Жетим калып зор болгон,
Кечээ аргын, кыргыз журтуна
Алтын болот тор болгон,
Мунун ар кылган иши оң болгон.
Мунун кармашары Каканчы
Бу өөдө-төмөн карабайт,
Өкүм шердин өз уулу
Бул өлөмүн деп санабайт.
Аркасы бийик, зээри бас
Адырга салсаң оюбас.
Артык көкжал берендин
Ата, короздой болгон кайран эр,
Козголбогон кайран шер
Колун алып аркага,
Козголбостон бакырып.
Жанындагы жолдошу –
Асылдан калган мураасы,
Алдейлеп жүргөн кыраанЫ,
Улуксунган эрени,
Алмамбеттин берени,
Асыл тууган Күлчоро.
Чоро деген чогоол сөз
Күлчоро эмес Күлжоро
Күлүстөн тууган көйкашка.
Берен тууган шериңдин
Мунун жосуну журттан бир башка.
Балбандыгы, шерлиги,
Бала көкжал атыгып,
Ааламдан ашкан эрдиги,
Шай колдогон Күлчоро.
Күлчоролоп бакырып,
Бакырганда көкжалдын
Бакырыгы баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Кол дүркүрөп жабылып,
Жан эсинен жаңылып.
Кол алдында Күлчоро
Кыраандардан чочунуп,
Суркоёнду токунуп.
Эки жагын каранып,
Арыслaндай Күлчоро
Эрди-мурдун жаланып.
Опол-Тоодой Сур аттын
Тартын оозун бурганы,
Абасына Күлчоро
Атайы келип турганы.
Ата, күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн шер абам!
Алтын көздүү, ай жүздүү
Аркыраган эр абам!
Жоо келгенсип чаңырып,
Кыйкырыкты баштапсыз
Аргын, кыргыз элиңди
Кырып ийе таштапсыз.
Эл баспаган чөп барбы,
Эсил аба, чының айт,
Душманың эр Калчадан кеп барбы?
Калк ашпаган зоо барбы,
Кабылан аба, сөзүңдү айт
Кармаша кетчү жоо барбы?
Албан түрлүү алп кайда,
Кабарын ала салыңыз
Кармаша чыкчу жоо кайда?
Бузулган Бээжин жер барбы?

www.bizdin.kg



Бээжинден белсенип келген
эр барбы?
Бээжинден келген жоо болсо,
Каканга чейин сүрөйүн.
Кытайдан мүшкүл көп уксаң
Кабылан аба, сөзүмдү ук
Жер кайгып, жеке кирейин,
Дагдыр жетсе өлөйүн,
Касташканың Коңурбай
Бир кармаш кылып берейин,
Кагыш кылып жоо бузбай,
Не муразга жетейин!
Кызырлуу кыргыз журт үчүн,
Төрөм, журт атасы сен үчүн
Курман болуп кетейин!
Кадыр Алда жол берсе,
Кайгыл колун чалайын,
Чалгынга кеткен Канчоро
Абамдын бир кабарын алайын.
Эгиз козу түгөйдөн
Бөлүнүп кантип калайын.
Темир чептүү Бээжиндин
Чебин бузуп жол салып,
Топон суу баспас Бээжиндин
Элин кырып кол салып,
Өлүштөн карап калбайын,
Так эле Каканга чейин айдайын.
Улугун, шерин жайлайын,
Каарланып бакырып,
Зорлук кылган кытайды
Так эле Каканга чейин сапырып,
Дагдыр жетсе өлөйүн.
Аргын, кыргыз бу журттун
Абаке, кароолун чалып келейин».
Күлчоро айтып мындай деп,
Шай колдогон шер чоро,
Ай-ааламды буй кылган
Атасы көкжал эр чоро.
Күлчоро минтип турганда,
Сары кан, Бакай карысы,
Аргын, кыргыз баарысы
Ачып көздү жумгуча,
Айтып оозун тыйгыча,
Балан-бастан дегиче,
Кеп ордуна келгиче,
Шамдагайы болжолсуз
Сары кан, Бакай абаңыз
Боз ала желек туу тартып,
Каза жетти караңыз,
Сары кан, Бакай эки абаң
Байтайлак менен Калыгың –
Чаңдыяктан өлүптүр,
Анан кыргын болду кырк киши
Кайра келбес чын жайды
Ошол кайран эрлер көрүптүр,
Жети күнү аралап,
Жетимиш жерден жара жеп,
Сары кан абам келиптир.
Чубак уулу Канчоро
Чуулгандуу эренди
Же кыргын болуп өлгөнүн,
Же кыямат жүзүн көргөнүн
Же ажалы анык жеткенин,
Же байлоого түшүп кеткенин
Анын аныгын билген адам жок,
Аны анык билген бир жан жок,
Чаңдыяктан эң шумдук
Көргөнүн айтты Сары кан
Капчал бузуп, тоо бузуп,
Келгенин айтты Сары кан,
Дүйнөгө жалгыз жаралган
Мергенин айтты Сары кан.
Берендин баары окко учуп,
Өлгөнүн айтты Сары кан.
Жаралуу болуп алсырап,
Чама чарчап кансырап,
Келгенин айтты Сары кан.
Кожожаш уулу Чаңдыаяк

www.bizdin.kg



Козголду кытай булүгү,
Ат оюнчу*, жөө күлүк –
Кызыталак кытайдын
Кыйын окшойт булүгү.
Кызыл кийип кубулуп,
Жамгырдай ок жайнатты.
Кабылышкан канча жан
Ушунтип шорун кайнатты.
Жашыл кийип кубулуп,
Мөндүрдөй окту бөлүнттү,
Берендин канын төгүлттү.
Ок, жаа огу тийген жер
Уюп-уюп сөгүлдү.
Очогор менен урган жер
Чарадай эти бөлүнүп,
Шыркырап каны төгүлдү.
Мергендиги, эрдиги
Белгилирээк көрүндү.
Беттеп адам баргысыз,
Бейли кара Чаңдыаяк
Беттешкен тирүү калгысыз.
Кара чокмор бөөдө экен,
Кажылдаган өрттөнгүр
Коңурбайдан өөдө экен.
Капырай, Бээжинден чыккан
бел экен,
Белгилүүсү ушундай –
Эзкарадан эр экен.
Бекем журту каканчы
Эр Чаңдыаяк экен,
Чаңдыаяк менен чабышсак,
Менденин болор катары,
Жашыл ала тон кийип,
Белгилүү турат атары.
Бет алгандан жан калбайт,
Менденин жетер катары.
Мерген да экен, шер да экен,
Бээжинден белсемдүү чыккан эр экен.
Жаа тартканга ыктуусун
Шайлап чыккан кези экен,
Кыргызга кыргын салууга,
Тутанып өлгөн ал доңуз
Эзелки кегин алууга,
Кылча койбой бул журтту
Кыргын кылып салууга,
Келген экен шайланып.
Куйкаланган кутургур
Какандан чыккан камданып,
Жаңжал десе зор уруп,
Куйкаланган кутургур
Тиги Бээжинден чыккан оолугуп.
Мунарык түшкөн чогу бар,
Жалаң мергенден илек колу бар.
Керигине, билине
Жүктөп келген огу бар,
Кайнап жаткан калкы бар,
Кармашканга каар салып,
Канын төкчү чени бар.
Мергенине, эрине
Беттеп менде баргысыз,
Бейжай чыккан доңузга
Беттешкен тирүү калгысыз.
«Чаңдыаяк» дейт атагы,
Чалышпай чочко жатабы,
Кыргыз түгүл кылымга
Татыгыдай чатагы.
Желдет экен, шер экен
Алайыптан дуба окуп,
Ар зыйкырдан көп окуп,
Адис болгон кул экен.
Очогор жаасын жайланып,
Түпкү-Бээжин уулу шаар
Бул ошондон келген камданып.
Мен Сары кан болголу,
Сары кан атка конгону
Көмүр өчүрүп, көө болдум.
Кымбатым көкжал барында
Кырсыгым чыгып мен өзүм,

www.bizdin.kg



Аргын журтка дөө болдум.
Сары таз атым жоюлду,
Саатым чыгып боюмдан,
Сары кан атка коюлдум.
Эчен бүлүк дөө көрдүм,
Жетимиш буркуй эл көрдүм.
Индия чаап олжо алдым,
Эр Семетей барында
Эчен жерге кол салдым.
Казам жетип өлбөдүм,
Карасаат куу жолтой
Кечээ, кагышка келген Чаңдыаяк
Балааны мындай көрбөдүм.
Түңүлүп турам жанымдан,
Карасаат капырдан
Эр Чаңдыаяк баатырдан.
Эл башкарып, журт күткөн
Зарлардыгы бар экен.
Ай-ааламды буй кылган
Балбандыгы бар экен.
Кара мүртөз кан ичме,
Капырлыгы бар экен.
Ай-ааламды буй кылган
Баатырлыгы бар экен.
Жүзү бөлөк, көзү тик,
Көп ааламдан өзү тик.
Эң чоңдугу сеңирдей,
Кара баскан жолтойдун
Катуулугу темирдей,
Ата, жараткан, өзүң колдой көр!
Кылча жанды калтырбай,
Кыргын болду дедирбей,
Барган жанды калтырбай,
Чаңдыаяк кырат жер жайлап,
Семетей менен Күлчоро
Жалгыз экөөнө турам дем байлап.
Экөө жаңжал салбаса,
Бере, алакандай кайран журт
Каптап кетчү сел экен.
Мындан ажыратып албаса,
Адам ушул экөө болбосо
Таласты камап конгондой.
Талкан кылып бу журтту,
Айдап жүрүп соргондой.
Арышы кулач буткулдай,
Тиктешкенди өрттөнгүр
Тирүү кармап жуткудай.
Сары кан мындай деген соң,
Кабылан Манас сырдашы,
Кадимки Бакай курдашы,
Желпиниште туулган
Жер жүзүнүн баарына
Кан Бакай салган чуулган.
Акылман Бакай абаңыз,
Картайганда Бакайдын
Кайраты мындай караңыз.
Асыл Бакай карандын
Сүйлөгөнү чеки эмес,
Айтканы жалган эки эмес.
Балааны көргөн алыстан,
Баатырлыгы ушундай
Жеке чыккан жарыштан.
Уруу журтту бир көрүп,
Жаратылган калыстан.
Карыган Бакай абаңыз,
Эрдигин эми караңыз.
Арыслан Манас сырдашы,
Айла тапкыч акылман
Бүткүл эрдин курдашы.
Кетилген эрдин өбөгү,
Кемтилгендин жөлөгү.
Кыргыздардын карысы,
Кыйын мүшкүл балаанын,
Тапчу Бакай дарысы.
Акылман Бакай карысы
Ак сакалын жайкаган,
Ар шумдукту байкаган.
Жолго даңгыл Бакайдын

www.bizdin.kg



Ыктуу экени дагы чын,
Байгамбардай бабаңдын
Мыктуу экени дагы чын,
Жоо айласын куп билген,
Жоголсо да ык билген.
Көзү көргөн алыстан
Көкжал шердин барында
Көп жер менен урушуп,
Көп акыл билген даанышман.
Көп байгеге чын чыккан,
Мунун күлүктүгү алыстан.
Ордо бузуп, олжо алып,
Атагы чыккан алыстан,
Абаңыз мындай даанышман
Чачылганды жыйнаган,
Үзүлгөндү көктөгөн,
Бузулганды эр Бакай
Алеки саатта эптеген.
Таласты күтүп жер кылган,
Береки тарап кеткен кыргызды
Эптеп жыйып эл кылган.
Ал кыргызга Манасты
Абаң Бакай атаңыз
Ала-Тоодой шер кылган.
Какан менен кармашкан
Камбыл Бакай эмеспи.
Эсеп тапкыч, эң мыктуу
Даңгыл Бакай эмеспи.
Бузулуп кеткен бүлүктү
Жаткызган Бакай эмеспи.
Чаңдыаяк эмес, чабылгыр,
Каражой менен Кожожаш
Катары менен атасын
Аттырган Бакай эмеспи.
Кечээ, Каканды камап барганда
Бата болгон эмеспи.
Калың кыргыз журтуна
Кыймылдабай туу кармап,
Кымбатың Бакай абаңыз
Ата болгон эмеспи.
Картайган Бакай абаңыз
Каары келип бакырып,
Аргын менен кыргызды
Калбай кел! – деп чакырып:
«Адам, Күлчоро менен Семетей,
Балам, экөөң кел – деп чакырды. –
Кагышка кирчү жандарым,
Кабылан трууган балдарым,
Айзакерден ыктууң кел,
Бирөөң калбай мыктууң кел!
Ботом, балдар кебимди ук,
Сары кандан кеп уктум.
Бээжинден келип Чаңдыаяк
Сары кандын Калыгы,
Бакай кандын Байтайлак,
Чубак уулу Канчоро,
Өңкөй кандын балдарын
Алып салды деп уктум.
Тополоңун тоз кылып,
Чалып салды деп уктум.
Ботом журтум, кебимди ук,
Ажалдуу менде өлбөйбү,
Жараткан буйрук кылганда,
Жан кыюучу жан алгыч*
Арбайтып беш кол сунганда
Таңшыган тил тутулат.
Жети күндүн бири өлүм,
Өлбөй-житпей дүйнөдөн
Бу кайсы жан качып кутулат?
Киргизбей койбойт казган көр,
Ушул сорбой койбойт кара жер.
Ажалдуу менде өлбөйбү,
Жыргал менен күйүттү
Ушул алмадай баш көрбөйбү!
Топон суу жүрбөс Бээжинге
Тооруй чалган жол эле,
Кайнаган кытай-калмакты
Ала жүрген кол эле.

www.bizdin.kg



Өкүм шердин барында,
Өйүз-бүйүз турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Кемегедей бир жерди
Кеңите чаап ойчу элек,
Кепини ушу болсун деп,
Кийими менен койчу элек,
Казатты катуу кылышып,
Качпай жатып урушуп,
Эрендер эпсиз жыйылып,
Беттешкен менде кырылып.
Кыргынды кызык салгыла,
Канкор шерим Семетей,
Шай колдогон Күлчоро
Белиңе муну таңгыла,
Акыр-такыр чоң жаңжал
Коңурбайга салгыла!
Кымбатыңар, карыңар
Кылча жанды аябай,
Жөн эле кырылгыла баарыңар!
Кичи казат атагы –
Кыяматтык мендеге
Жөн эле бир билинсин чатагы,
Журтум, айзалашып урушпай,
Ажалдан коркуп жатабы,
Өлүмдөн качкан оңобу,
Ушул ажалдан корккон адамың
Эгерде эки болобу?
Ач айкырык чуу кылып,
Асман жерди дуу кылып,
Арышты арбын салыңар,
Чубак уулу Канчоро,
Бакай кандын Байтайлак,
Сары кандын Калыгын
Сөөгүн эптеп табыңар.
Кымбаттарын кырыңар,
Кейитип жаңжал салыңар.
Өлгөнүнөн калганын
Кара кытай, манжуурга
Кайрадан олжо болбосун,
Журтум ажыратып алыңар.
Аламан уруш кылыңар,
Мыктап айза салышып,
Кыргыз, кытай беттешип,
Качпай туруп салышып,
Айза сынып боо түшсүн.
Казаттын аркы ушундай,
Адам өлүп, тоо түшсүн.
Кызыгып келген кытайга
Каршы чыгып баргыла.
Кан атаң өткөн кагыштан
Албан түрлүү эр өлгөн,
Улул өңдүү кагыштан».
Бакай минтип турду эле,
Бакайдын кеби макул деп,
Айла тапкыч абамдын,
Акылман Бакай бабамдын
Бул айтканы акыл деп,
Калың кыргыз, көп аргын
Канкор шери Семетей,
Шай колдогон Күлчоро
Макул деп кептен баштады,
Баарың адам чуу туруп,
Жандан кечип таштады.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Ай касаба туу болуп,
Ач айкырык чуу болуп,
Колу колго урунуп,
Кол чуркурап бурулуп,
Кол алдында Семетей
Буурул менен бөлүнүп.
Бул канкордун зордугу
Аласкар тоодой көрүнүп.

www.bizdin.kg



Бутундагы кандагай,
Ок өтпөгөн шымдары
Өкчөлүү өтүк, жаргак шым
Кашат жагы байлалуу,
Багалеги саймалуу.
Бак жарашып балкылдап,
Бардык шайман Аккелте
Баатыр тууган кургурдун
Айдалыда жаркылдап.
Буурул минип булкунтуп,
Оңжоңдогон каранды
Эр өлгөндөй жулкунтуп.
Чыңыроон тартпас кең жайдан,
Кулан үркпөс кең сайдан,
Аңырайган буткулдан,
Алчаңдатып бастырып,
Ар жагында көргөндү
Айкөл шериң шаштырып.
Адам, узун бойлуу, кең далы
Жанындагы Күлчоро –
Ары балбан, ары шер.
Жумуру баштуу мендеден
Чын жаралбайт мындай эр.
Ары балбан, ары шер
Арт жагынан Күлчоро
Төрөгө такоол болууга
Бара жатат кайран эр.
Чымчышары – Коңурбай,
Чын кыргынды салууга,
Кармашары – Чаңдыаяк,
Бир кармашып калууга.
Алышары – Чоңкара,
Айкашчу жоосу – Эзкара,
Кагышары Каканчын,
Мунун кармашчу эли Бакбурчун.
Кармаша турган себеби –
Ар качандан бир качан
Кордугу өткөн бу журттун.
Ажал жетсе өлөм деп,
Аргын, кыргыз көп колу
Эми жоого кирчү эки шер,
Жоболоңдуу эрлерге
Караан болуп берем деп,
Аскер арбып, жан толуп,
Кол алдында Бакай кан
Туу кармаган ал болуп,
Туусу туура урунуп,
Жанды Кудай жаратар,
Жайнап көп кол чуу туруп,
Аламан коюп баратат.
Оройгон тоонун урчукка,
Ойноп көп кол жетти эле,
Алмамбеттин Күлчоро,
Эр Манастын Семетей
Шай колдогон шерлердин,
Мендеден артык жаралган
Берен тууган эрлердин
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети.
Аколпок тонду кийишип,
Алжайып атка минишип,
Кол алдында бөлүнүп,
Коржоңдогон эргулдар
Көк аскардай көрүнүп,
Толкуп кеткен жерине
Тоо туруштук бергисиз.
Көлпөң урган жерине
Көл-дайра чыдап келгисиз.
Чымыроону тарттырып,
Келишимдүү миң нарга
Ок-дарыны арттырып,
Алты миң кызыл нар айдап,
Ата, арбаңдаган кургуруң
Азыкка тирүү мал айдап.
Ар куйругун өрүүгө,
Алөөкөнүн Коңурбай
Муну менен айкалышып көрүүгө
Серпиленип бөлүнүп,

www.bizdin.kg



Ата серпишке кирчү кыраандар
Көк сеңир тоодой көрүнүп.
Кечээ, тоо жоголгон урчукка,
Томурайган тумшукка,
Мунар болуп бурчтанган,
Жөө туман түшүп урчтанган
Түз талаасы мунарык,
Көз жетпеген капырга,
Келип жетмек болушту
Эр Чаңдыаяк баатырга.
Белеске чыга келгенде
Берендин жайын байкап ал,
Адырга чыга келгенде
Асылдын жайын байкап ал,
Чыңыроон тарткан кең жайдан,
Бая чыйпылдак учпас кең сайдан,
Жоо кутулбас айзадан
Көрсө көңүл бөлүндү,
Көп алдына караса,
Калк аманын кааласа
Бая кайран балбан Чаңдыаяк
Чоң балбаны Чоңкара
Алты миң кытай, сан колдой
Ар жакта жатат түмөн кол.
Көргөндө көңүл бөлүндү,
Жекеге чыккан көрүндү.
Каарланып какайса,
Оозунан заар төгүлүп,
Чаңдыаякты көргөндө
Кан иччү каары көрүнүп,
Ажал жетсе өлүүгө,
Амалы болсо Чаңдыаяк
Бир серпишип келүүгө,
Ашып чыгып адуулап,
Астындагы Буурулду
Артык тууган кургуруң
Ок өтпөс менен жабуулап.
Төш этинин ылдыйын
Топчу менен кабыштап,
Касасынан ылдыйкы
Калжаңдаган караанды
Бүчү менен табыштап,
Кийген менен мингенде
Мунда кылайган жерде тешик жок,
Боо беттешкен жоодо кешик жок.
Берендиги белгилүү,
Берeленип белсенип,
Белгилүү тууган арыслан
Жоону көрүп жөн эле
Кашкая күлүп теңселип,
Анча-мынча манжууну
Каарын салып шаштырып,
Ардай болгон Буурулун
Кабак түйүп чочубай
Алжаңдата бастырып.
Айбандын зору чоң Буурул
Каңал жаагы челектей,
Чаткаягы колоттой,
Бадырайган кашка тиш
Саптап койгон болоттой,
Бир куйругу билектей.
Айза алганда бөлүнгөн,
Арыштаса кара жер
Туш-тушунан сөгүлгөн.
Астындагы Буурул ат
Чуу деп кетсе союлгур
Булуттай учуп зыркырап,
Чаткаяктан суурулат.
Кыйкырып айза сунганда,
Кандай кыйын жоо болсун
Заманасы куурулат.
Айза менен ирмесе,
Илинсе каны төгүлгөн,
Сүрү сүрдүү канкордун
Сүрөтү башка көрүнгөн.
Айкырып жоого айза урса,
Азар түмөн сансыз кол
Как жарылып бөлүнгөн.

www.bizdin.kg



Кагышка балбан көкжалдын
Муну менен көрдүңбү
Канкорлук түрү көрүнгөн.
Айза салса душманга
Буркурап түтүн булаган,
Бет алгандан көкжалдын
Айбатына чыдабай,
Жөн эле кез болгон душман кулаган.
Кош олоңдуу көкжалдын
Коштогону – көк жолборс.
Айбаты калың көкжалда
Адамда мындай шер болбос.
Чилтендин бирөө – көк жолборс,
Жандай салып чамынган,
Чилтендин бирөө – кабылан,
Жара тартчу немедей
Жан-жанынан камынган.
Алтымыш кулач кара «мар»
Астына түшүп ышкырып,
Алты сай жерден адамды
Оп тартычу эмедей
Оозун ачып ышкырып,
Алдында кетип баратат,
Адам, Алпкаракуш – зымырык.
Азыр эңип кетчүдөй,
Алдындагы душманга
Арбайтып бутун салыптыр.
Башы кара кыл кыйма
Астына түшүп алыптыр,
Азыр чалчу немедей
Калжың уруп калыптыр.
Адам, асты жагын карасаң,
Айбаты кыйын төрөнүн
Алты миң эрдин сүрү бар.
Аркасына карасаң –
Ажыдаардын түгү бар.
Кабагы кашат буткулдай,
Каары жетик канкоруң
Кармашканды жуткудай.
Канкор шерди көргөндө
Кожожаш уулу Чаңдыаяк
Козголбой турган шер экен,
Кыйшая карап отуруп,
Кыябына толтуруп,
Кумсара карап отуруп,
Беренди купулуна толтуруп.
«Атаңдын көрү, Семетей –
Телегейи тең экен,
Ичи боору көкжалдын
Жер жүзүнөн кең экен,
Асман менен көгүңдүн
Тирөөсүндөй уул экен,
Калк ашпаган Кап-Тоонун
Бир өзүндөй уул экен,
Орнотулган кыргызга
Темир капка чеп экен,
Бажыга жыйган сан кара –
Казыналык түмөн мал
Дүңгүрөтүп түк койбой,
Тийгендиги эп экен.
Же Карагулдун сакалын,
Алгаранын куйругун
Жулгандыгы эп экен.
Көл толкуса бир тоонун
Ортосундай кул экен,
Аңырайган капчалдын
Буткулундай уул экен.
Телегейи тең экен,
Темтеңдетип көп алпты
Кыргандыгы эп экен.
Карасаат канкордун
Чамынганы жолборстой,
Чабышкан аман болбостой,
Качырганы камандай,
Күркүрөөсү шамалдай,
Кашатча тоскоол бербеген
Каптап кетчү сел экен.
Мунун бет алган жагы кызыл өрт,

www.bizdin.kg



Мендеден бөлөк эр экен.
Арсак-терсек Ала-Тоо
Менин жерим болсочу!
Ушул арбаңдаган эр канкор
Менин эрим болсочу!
Каарланып чамынса
Ай-ааламды күткүдөй,
Үстү түктүү кара жер
Кызыталак канкорго
Жөн эле калыңынан түткүдөй,
Мунун мурду бородой,
Алышкан аман болобу эй?
Мунун телегейи тең экен,
Алакөөдөн неме экен,
Атышты арбын салайын,
Кызыталак канкорду
Амал менен алайын.
Күчкө салып айкырса,
Азыр түпкө жеткидей.
Кайнап аткан Коконду
Азыр кырып кеткидей,
Түрү суук бу канкор
Түгөл айдап кеткидей.
Кары-жаштын баарысын
Калтырбай кырып бу канкор
Каканга айдап жеткидей.
Кыйла жанды кыргыдай,
Амал менен албасак
Кыргынды кызык салгыдай.
Кара буурул, тайкы жол
Ок жетпес атын мингидей,
Кайнап аткан кытайды
Бээжинге чейин сүргүдөй.
Таш сайынган кытайдын
Далайын талкан кылгыдай.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүн айдап кыргыдай,
Телегейи темирдей,
Теңдик жайы бар экен.
Касташканды жутуучу
Эрдик жайы бар экен.
Адам, теңдешип адам болобу?
Көкала сакал чоң манжуу
Токсону келип сайышса,
Тозоку канкор коёбу?
Берен экен, шер да экен,
Бул белсенип чыккан шер экен.
Акыл менен албаса,
Күч кылганды коёбу?
Алты милек жоо келсе,
Кармашып жүрүп тоёбу,
Жаралган адам уулунан
Капырай, шумдуктуу мындай
болобу?»
Деп, ошентип, Чаңдыаяк
Керигине камчы уруп,
Каарланып бакырып,
Каарланып канкорго
Жекеге! – деп чакырып.
Баатыр болсоң, шер болсоң.
Чылгый жерге чаң салган
Чын балакет ааламдан
Манастын уулу сен болсоң,
Он эки эриң кайсаган
Берени журтка билинген,
Кожожаш уулу мен болсом.
Ай-ааламды буй кылган
Канкордун уулу сен болсоң,
Баатырсынган эр болсоң
Жекеме-жеке чыгып кел,
Колуңду таштап, өзүң кел!
Айзалашып турушуп,
Алты күн тынбай урушуп,
Мени сайып, сен алсаң
Таласка барып коноюн,
Чын кыргызың болоюн,
Кытай деп атты жоюңуз,
Бурутча атты коюңуз!

www.bizdin.kg



Асмандагы жылдыздай
Болжош болуп берейин,
Энекең тууган ининдей,
Жолдош болуп берейин.
Сени сайып мен алсам,
Бээжинге барып конуп бер,
Баатыр Бээжиндин каны болуп бер!
Семетей атың жоёбуз,
Таш сайынган кытайдын
Тазалап атын коёбуз!» –
Деп, ошентип, Чаңдыаяк
Айтып турду мындай сөз.
Семетей алдап алууга,
Бир шайтанды канкорго
Эптеп туруп салууга,
Эсебин эптеп табууга
Амал сактап турду эле.
Атасынан бабасы
Арыландыгын карачы,
Канкор шердин Семетей
Каарланып чамынды,
Кайыптан акыл табылды.
Белги берип, күч чыкты,
Эки беттин отунан
Байпак сындуу түк чыкты.
Каалгадай кашка тиш –
Калайыктан башка тиш
Таруудай бөлө чайнады.
Каары келип какайып,
Кан ичмеси кармады.
Жадалын салды Семетей.
Астыңкы эрди калбайып,
Үстүңкү эрди жалжайып,
Эки көздүн кычыктан
Өрт кайнады төгүлүп,
Сүрү мындай көрүнүп,
Каарланды шайланып.
Ата, сырттан тууган канкор
Чаңдыаякты карата
Сырнайзаны камданып,
Каарланып бакырып,
«Атаңдын көрү Чаңдыаяк
Айткан кебиң чын болсун!
Бул кебиңе макул деп,
Кытай качкы журт эле,
Качпай тургун баатыр деп,
Сенден аянгандардын
Чогуу кетсин капыр деп
Чаңдыаяк эмес, эр келгин,
Какандын журту козголуп,
Кырк кандын журту тең келгин!
Каарланып канкор шер,
Буурулдун оозун бурду эле.
Мубакүлдүү сыр айза
Күркүрөтө сунду эле.
Ачууланып айкырып,
Манас деп ураан чакырып,
Кан ичер түрүн бурду эле
Уңгусу болот, учу курч –
Учуна тарткан кара курч,
Токсон уруу болоттон.
Бөлөкбай жатып улаган,
Кокус тийген жерлери
Кабылдап чирип өлсүн деп,
Кайра тартпас чын жайын
Ошо кармашкан душман көрсүн деп.
Адамдын көз жашы менен
сугарткан,
Жоого беттеп сунганда
Учу өрттөй кызарган,
Каарланып шилтесе
Эки айза бою узарган.
Тиелекте чаң кеткен,
Учу илинсе кан кеткен,
Кан чыкканда жан кеткен.
Кармоорун алтын шыйыткан,
Кагыш жакка кыйыткан.
Барыскандап сомдогон,

www.bizdin.kg



Байкуш уста Бөлөкбай
Бир жерин чийки таштабай,
Дөөтү төкөр оңдогон.
Сыр найзанын бир жери
Эгерде чийки болбогон,
Каарланып муштаса
Тийген жерин бүлдүргөн,
Сайган ээсин күлдүргөн,
Муштаган жерин бүлдүргөн.
Мубакүлдүү сыр айза
Мурун сунуп балбанга
Айбатын салып айкырып,
Айбатына баатырдын
Таш жарылып, тоо толкуп,
Каруусу толук капырга,
Кан Чаңдыаяк баатырга
Качырып айза урду эле,
Кайкайган жок Чаңдыаяк
Кашкая карап турду эле,
Ажалдан кайгы жеген жок,
Алп экенин көрдүңбү –
Кабагым-кашым деген жок.
Ал Чаңдыаяк турду эле,
Кыңыраңдап кыңк этпейт,
Кыйын шер айза сайганда
Бир кыйшайып былк этпейт.
Ыраазы болду Семетей.
«Бел байлаган Бээжинге
Бел экениң чын экен,
Белсене келген Какандан
Эр экениң чын экен.
Самаган жерге сайыңыз,
Капыр менен мусулман
Кармаштын жайы ушундай,
Кезетиңди алыңыз!»
Келишкен канкор муну айтып,
Буурул оозун бурду эле,
Чокуга көкжал турду эле.
Чоң күчүн жыйнап дардайып,
Ал Чаңдыаяк капырды
Эми Кудай урду эле.
Канкордун уулу көкжалга
Күркүрөп айза сунду эле.
Астындагы керигин
Олбуй-солбуй камчылап,
Оңдоп-солдоп теминип,
Боз кисенин бети деп,
Өпкө-боор колконун
Жыйылып турган бети деп,
Акканкы ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Серпилип айза сайды эле,
Селт эткен жок кайран шер
Кыймылдабай, былк этпей
Канкор аман калды эле.
Айза кармап айкырып,
Алып турду Чаңдыаяк,
Сунган айза тартпастан,
Салып турду Чаңдыаяк.
Сайбасын билип алган соң,
Каарланып бакырды.
Алтымыш балбан, сан колдой,
Акылманы Чоңкара
Каптагын деп чакырды.
Каарланып жайланып,
Жолум үйдөй чоюнбаш
Ыйыкка салып жайланып,
Туурасы жоон, бою пас.
Тулу бою кара таш
Болоттон чокмор колго алып,
Кыйындыгын карачы
Чогуу бойдон чуу туруп,
Чоңкара жетти карачы.
Чалмачысы качырып.
Жибек чалма урду эле.
Чоңкарасы баатырга
Керилип чокмор урду эле.
Канжаркол айтат уруусун

www.bizdin.kg



Качырып колду салды эле.
Семетей жалгыз, кытай көп,
Тегеректеп алды эле.
Зың-зың этип кенебейт,
Курчап балбан кол келсе,
Курган жанга зор келсе,
Өлөмүн деп баатыр шер
Бучкагына теңебейт.
Чыркырап учуп кол салса,
Чымынча көрүп Семетей
Кылып иет экен деп,
Кымбат шериң кенебейт.
Канкор шерге күч келип,
Алтын жаак айбалта
Ала коюп имерип,
Чаңдыяктын айзасын
Орто белден кайран шер,
Үзө чаап жиберип,
Бошонуп канкор алды эле,
Айбатына чыдабай,
Чоңкара менен Чаңдыяк.
Бул экөөнөн бөлөгү
Эр Семетей баатырдын,
Каруусу толук канкордун
Ай-ааламды буй кылган
Канга тойбос анткордун
Ысыгына баталбай,
Суугуна жаталбай,
Калдайлары, балбаны
Качып берди дыркырап.
Ортого алды Чоңкара,
Жолум үйдөй чоюнбаш
Жолуң каткан капырдан,
Жолборстон оолак кач!
Түкүрүнүп түз кармап,
Кармай калып имерди,
Каң дегизе Чоңкара
Капталга салып жиберди.
Айзакерден Чаңдыяк

Ар жактан айза сунду эле.
Теңиз шерди экөөлөп
Тегеректеп турду эле.
Ал аңгыча болгон жок,
Тоо кайкайган урчуктан,
Домурайган тумшуктан
Көкжалга мүшкүл салганын
Көргөн экен Күлчоро.
Караан кылган абакем,
Кабыланга жетейин.
Кыжы-кыйма салышып,
Кырылыша кетейин.
Айгайды арбын салайын,
Ата, көкжал шеримди
Ажыратып алайын!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Ашып-шашып токтобой,
Ээр белдей мойнокту
Ашып чыгып келатат,
Өңгүл-дөңгүл белести
Басып чыгып келатат,
Каарын төгүп бакырып,
Канкор шер деп чакырып,
Чымындай жаны кууурулуп,
Чын эрдигин баштаптыр.
Чымындай болгон куу жандан
Чын түңүлүп Күлчоро
Өлүмгө байлап таштаптыр.
Дагдыр жетсе өлүүгө,
Өлбөй тирүү жан турса,
Абакеси Семетей
Караан болуп берүүгө,
Кагышты катуу салууга,
Кызыл өрттөн көкжалын
Ажыратып алууга.
Бузулбай тийген огунан,
Кызарып күйгөн чогунан,
Кыжылдаган кырк кан эл
Кайнаган кытай колунан

www.bizdin.kg



Дүмөктү түп-түз салайын,
Беренимди, шеримди
Белгилүү көкжал абамды
Ажыратыл алайын.
Бузулган күндөй бүркөлүп,
Бура тартпай эр чоро
Жекене белге курчанып,
Опол-Тоодой Чоңкара –
Чоңкарага кол салып.
Баатырлыгы башкача
Озо чыкты Чоңкара,
Алмамбет уулу чорону
Тозо чыкты Чоңкара.
Капталынан камынып
Айза сунуп озду эле,
Ал айзаны жеткизбей,
Шай колдогон Күлчоро
Шамдагайы болжолсуз
Денеге айза тийгизбей,
Эми эсебин тапты эле,
Алыстатып айзасын
Асман көздөй какты эле.
Айзадан бери жакындап,
Чочубастан шер Чоро
Чоңкараны көрдү эми.
Ал жанында бепбелен
Асылдыгы байлалуу,
Алтымыш нар, кырк тайга
Сатып берген ак тинте –
Өлчү жериң ушул деп,
Өпкөсүнүн тушу деп.
Ылачындай илгич эр
Алышка баатыр, кайран шер
Колго кармай калды эле.
Эмчектин төмөн бети деп,
Өлүчү өпкө чети деп,
Актинте менен Күлчоро
Муштап туруп калды эле.
Күчтүү канжар жетти эле,
Оюлгурдун тонуна
Оролуп учу маталып,
Орто белден Актинте
Кыйрап чыгып кетти эле.
Чоңкара жайы ушундай –
Эрен экен, шер экен
Жоонун айласын билген Чоңкара.
Аябаган шер экен.
Атагы солоон журтунан,
Балбандыгы бир канча,
Баатырлыгы бир мынча.
Солоон журттан туулган,
Согушка салган чуулган.
Кармашканды кайсаган,
Кезикkенди кемирген,
Кез болгонду жемирген.
Ишке ашка тойбогон,
Кара баскан бул доңуз
Кармашса жанды койбогон,
Бээжиндин алпын жөөлөгөн,
Калдайлыктын кандыгын
Жалгыз өзү ээлеген,
Кагышка кирсе бой бербес,
Кармашка кирсе ой бербес
Чындап чыккан эр экен
Бүткүл кытай чуу туруп,
Чоңкара балбан дээр экен.
Мына ошондо зор кара,
Чоңкара эмес, чоң балаа,
Күлчоро кандай шер эле
Күлчорону бир салат.
Эми Чоңкара кандай эр эле
Болот уңгу чоюнбаш –
Өзү чокмор төрт кырлуу.
Камбыл балбан Чоңкара
Кармай калды имерип,
Кан дегизе чорону
Кош колдоп тартып жиберди.
Барып чокмор тийгенде

www.bizdin.kg



Көпкөк темир туулга
Көмүрдөй учуп чыркырап,
Жан жанына жарыгы
Жайнап түштү быркырап.
Туулганын алдынан
Баса кийген чарайна
Берен катын энеңдин
Бу кызматы озуптур.
Капырдын чоюн чокмордон
Энеси берген чарайна
Эсил жанды тосуптур.
Чоң качыр оозун бураарда,
Жана чочко ураарда
Алмамбеттин Жойкума
Акылман тууган Күлчоро
Кармай калып сабынан,
Сууруп чыгып кабынан,
Шамдагай тууган эр Чоро –
Телегейи тең Чоро.
Атасынын бабасы
Ай-ааламды буй кылган
Аябаган эр Чоро.
Булуттай учкан сур аттын
Оозун тартып бурду эле,
Атам арслан колдо деп,
Колдосоң ушул жолдо деп,
Чоңкаранын чокморуна
Орто белге эр чоро
Болжоп туруп урду эле.
Ортодон сабы быркырап,
Жолум үйдөй чоюнбаш,
Ыргып башы чыркырап,
Чокморунан айрылып,
Чоңкара турду кайгырып.
Баатырлыгын, шерлигин,
Балбандыгын, эрлигин
Теңиздиги бузар чоктугун
Ай-ааламда жоктугун
Сынап алды Чоңкара.
Бу кытайга туулган
Кылган иши оң кара
Карысы толук каапырды
Эр Күлчоро баатырдан
Качымыш болуп калайын,
Калың балбан, түмөн кол
Как ортосуна салайын.
Ар кайсы жактан барбайып,
Алп-дөө менен басайын,
Айза муштап, чокмор чаап,
Так жыландай союп жанчайын.
Колу, бутун байлайын,
Канчоро менен Күлчоро
Катарлап колго түшүрүп
Бул экөөнү катар жайлайын»,–
Ошондой деп Чаңдыаяк,
Каарланды какайды
Калтырбай акыл ойлоду.
Адам, көрчү мээнетти
Аны ойлобой койбоду.
«Атаңдын көрү, бурутка
Атыштардан салайын,
Чоң атабыз Каражой,
Өз атабыз Кожожаш
Экөөнүн кегин алайын.
Бул экөөнү кагышта
Жалмаган экен бул бурут,
Жок кылган экен куу бурут.
Бек чынданды Чаңдыаяк
Күрсүлдөгөн бурутка
Күрөштү мыктап ачайын
Калтырбай кырып алптарын,
Алпейсиген калктарын.
Сурданган экен бул бурут
Суудай канын чачайын,
Калың журтун кыйратып,
Калган демин басайын.
Эрендерин соёюн,
Эселегин, карганын

www.bizdin.kg



Денекул кылып коёюн.
Жердегени Ала-Тоо
Жетик душман жоо экен
Ала-Тоодон артылтып
Желбегендей кылайын,
Мындан кийин Каканга
Келбегендей кылайын.
Канчоро менен Күлчоро
Аты уйкаш да экен, шер да экен.
Ай-ааламды айдаган,
Алышкан тирүү калбаган.
Айза сунуп айкырса
Каңыртынан жан чыккан,
Кармашынан кан чыккан,
Сан колго тийсе четтеген,
Бет алганын өрттөгөн,
Салышып адам жеңбеген,
Күрдөлүү Какан көп элден
Күчтүүсү келип салышса
Белесин адам чалбады.
Беттешкен балбан көп калдай
Бээжинге бирөө барбады,
Бет алган аман калбады.
Канчалык мүшкүл болду го
Бу кулдун салган жаңжалы.
Алмамбет менен эр Чубак
Так экөөнөн туулган,
Картайган Калча төрөгө
Канчалык салды чуулган.
Коңурбайдын жөкөрү
Алтымыш кытай, сан калдай.
Кыл эмесин таштабай
Кыйраткан экен булардай.
Сазаңшаңдын дөөлөрү
Кыйраткан экен эки кул
Бүт Бээжиндин ээлерин.
Кара курттай калктарын,
Доңуз минер балбанын,
Ай-ааламга билинди
Бул эки кулдун жаңжалы.
Атамды Манас сойгондо
Курган жан жети жашта болгондо.
Ошол жетимимен жетилдим,
Жетимиш калдай, сан черүү
Жетелетип чоңойдум.
Кылым кытай, кырк кан эл
Кара курттай эл эле,
Калың элди багуучу
Эр Чаңдыаяк мен элем.
Куйкалаңган бурутка
Качымыш болуп калайын,
Мунун чын айласын табайын.
Чынмачындын шаарына
Чымма элди каптатып,
Чын балакет салайын,
Бөлүнтөйүн ушунтип,
Манастын уулу эр султан
Семетейдин санаасын.
Сойлотоюн бу жолдо
Күлчоро менен Канчоро
Кыргыздын эки баласын.
Тыйпыл кырып карысын,
Жок кылайын буруттун
Жологон жандын баарысын.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жадыгей жыйып алайын,
Тыйпыл кырып карысын
Тындым кыла салайын.
Акыл ойлоп Чаңдыаяк,
Акылга дыйкан эң сынчы
Ал Чаңдыаяк эр экен.
Бээжиндин Кары канына
Кызмат кылган неме экен.
Бээжиндеги кытайдын
Бек ишенген эри экен.
Калайыкка күч келсе
Бу кармаша чыкчу шер экен.
Атка оюнчу, жөө күлүк

www.bizdin.kg



Өзү казыналык чоң мерген
Бээжиндеги кытайга
Бел байлаган бел экен,
Берен Кожожаштын уулу экен.
Берен Калча көкжалдын
Бек ишенген шери экен.
Аман болоо Чаңдыаяк
Артында турса кыйкырып
Арыслан абам дээр экен,
Чапчышканым Чыммачын
Чаркым келер дечү экен.
Бу Чаңдыаяк барында,
Кармашкандын баарына
Катылышкан адамдын
Канын төгөм дээр экен.
Бу көмүлгөн Чаңдыаяк
Көкжал Калча жанында
Көзү көргөн алыстан,
Жалгыз чыккан жарыштан.
Атын көргөн чочуган,
Көп зыйкырдан окуган,
Ар кылганы эки эмес
Айткан сөзү чеки эмес.
Беттеп душман кезиксе
Мергендиги ашынган,
Кайсы жерде сынып басынган,
Чылгый балаа өрттөнгүр
Чымындай жанга күч келсе,
Бетегеге жашынган.
Жөө жүгүрсө күлүгү
Ай-ааламды буй кылган
Бу чочконун бүлүгү.
Айзалашып урушса
Адамдан бөлөк камбылы,
Айбалталап чабышса
Куйкаланган кутургур
Бүткүл кытай даңгылы.
Эрдиги калкка билинген,
Каканчынын эри деп,
Коңурбайдын жөкөрү.
Белине таңуу бели деп,
Бек ишенген эрени.
Болбойт сөздүн жалганы,
Болумдуусу Чаңдыаяк
Боору кара, сырты көк
Күлчоро сынап калганы.
Болумдуу экен Чаңдыаяк
Айла тапкыч ыктуу экен,
Акылга дыйкан мыктуу экен.
Телегейи тең экен,
Алөөкө уулу Калчадан
Кайсы жери кем экен,
Кечээ кабарында бар бекен,
Түгөнгөн тоонун урчукта
Тулпар оозун буруптур,
Бакай кандын Байтайлак,
Сары кандын Калыгын
Текечинин жарыгын
Тегиз баарын кырыптыр.
Жазайыл атып, жаа тартып,
Кандын баары кайгырган
Баатыр Бакай, Сары кан
Балдарынан айрылган.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жадаалдыкты баштаган.
Жалпы журту жайлар деп,
Акылдуу Бакай карыя
Жанынан кечип таштаган,
Жадаалды мынча баштаган.
Кожожаш уулу Чаңдыаяк –
Ааламды бузган атагы.
Ашып кеткен чочконун
Атасы Кожожаштан чатагы.
Коңурбай алып келген соң,
Чочко койгулашпай жатабы?
Бет алышкан мергендер
Чаңдыаякка жетеби?
Өрттөнүп өлгөн жадыгөй

www.bizdin.kg



Мындан өлбөй киши кетеби?
Алышын көргөн чочуган,
Ажайыптан окуган.
Алты дайра куюлуш
Четинен барып окуган,
Адам билбес Кап-Тоонун
Бетинен барып окуган.
Ажыдаар менен арбашкан,
Сазаңшаңдын элинен
Алп-дөө менен байлашкан.
Кабылганды кайсаган,
Кезиккенди кемиткен.
Жоого кирсе четтеген,
Жолуң болгон капырдын,
Эр Чаңдыаяк баатырдын
Огу бекер кетпеген.
Кабылганды кайсаган,
Кара тажаал ушундай
Бышуу, чийки дебеген.
Муну мыкташып менде жеңбеген,
Өрттөнгүрдүн өзү экен.
Манастын уулу баатырга
Басташа чыгып Чаңдыаяк
Дүмөктү салган кези экен.
Кырк кан эли кытайды
Кылтылдатпай түтүптүр,
Төшү түктүү кара жер
Бузулуп кетпей каарынан,
Айрылып кетпей заарынан
Кылтылдабай түтүптүр.
Кырк уруу кытай көп элди
Кыйындыгы ушундай
Кылтылдатпай күтүптүр.
Билге артынган болот ок
Билсеңиз мындай капыр жок.
Ай-ааламды буй кылган
Мендеден мындай капыр жок.
Белеске чыгып белсенсе
Мергендиги көрүнгөн
Очогорун сунганда
Очогордун оозунан
Мөндүрдөй огу төгүлгөн.
Кабылыша кеткен жан
Өлдүм деп көөнү бөлүнгөн.
Уңгусу чоюн, учу курч
Белендеп жаасын кармаган,
Мунун бейжайлыгы белгилүү
Бет алган жоону жайлаган.
Ар мүчөсү ушундай,
Адам уулу көргүдөй,
Кутуруп кеткен Чаңдыаяк
Чаңдыаякты көргөндө
Жүрөгү түшүп өлгүдөй.
Кечээ кечилдин каны Коңурбай
Кез болгон жоону чалдырган.
Алты качыр ат берип
Бээжиндин үлкөн шаарына,
Чоң канынын алдына
Алакандай кат берип,
Чаңдыаякты алдырган.
Өз билгенин кыргызга
Кылган экен Чаңдыаяк.
Өңкөй кандын балдарын
Кырган экен Чаңдыаяк.
Ала-Тоодой желпинип
Турган экен Чаңдыаяк,
Беттешкенди мерт кылып,
Кырган экен Чаңдыаяк.
Кудайсынып, кулжуңдап,
Турган экен Чаңдыаяк.
Эр Чубактын Канчоро –
Эрениң чоро барыптыр.
Кечээ, Көбөш кандын Көктелки
Окко учуп кеткен соң
Чубактын уулу Канчоро
Арбайып жөө калганда
Атайы кирип Чаңдыаяк,
Тирүү байлап алыптыр,

www.bizdin.kg



Темирден торго салыптыр.
Башына коок кийгизип,
Качырга арта мингизип,
Олжо кылып алыптыр.
Беренжини бүктөптүр,
Беттешкен дөөсүн ушунтип
Олжо кылып алам деп,
Көп мактанып Чаңдыаяк
Аны Бээжинди көздөй жүктөптүр.
Карапжысын калдайтып
Калдайы байлап алыптыр.
Улуктары, эрлери
Ошонетип Чорону
Олжо кылып салыптыр.
Теминсе бузуп чыга алгыс
Торго түшүп кетиптир.
Ошентип Чубактын уулу Канчоро
Тирүү кайра кутулгус
Колго түшүп кетиптир.
Эки колу байлоодо,
Эки көзү жайноодо
Он эки солоон, кырк манжуу
Оңурайтып Чорону
Опсуз байлап алыптыр.
Адам, Коң төрөнүн алдына
Байлап жүрүп калыптыр.
Бая элден ушак кеп угуп,
Канчорону кытай журт
Байлап кетти деп угуп,
Эр Семетей, Күлчоро
Кагыш кыла жетиптир.
Семетей менен Күлчоро
Кагышка экөө жеткен соң
Кожожаш уулу Чаңдыаяк
Жүрөгү түшүп кетиптир.
Катылган жоону буй кылып,
Күлчоро берен тойлоптур.
Кагышка кыйын Чаңдыаяк
Бая эле акыл ойлоптур.
Семетейди көргөндө
Каарылуу шер экен деп,
Кериктин оозун буруптур,
Мыктап сынап туруптур,
Он эки мүчө тең экен,
Оң далысы кең экен.
Жоосунду мүшкүл салганы,
Бээжинге жалгыз барганы
Берендиги эп экен,
Калайык түрүн көрөбү,
Кара саат көкжалды
Кармашып менде жеңеби?»
Мына ушунтип Чаңдыаяк
Акыл ойлоп шашыптыр.
Куйкаланган кутургур
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Сан колун көздөй качыптыр.
Мергендерин-шерлерин
Беттешер жерге шайлаптыр,
Мендеге келген мүшкүл күн,
Бирөөнү койбой камдаптыр.
Арт жагынан Күлчоро
Эки жагын каранып,
Ээрдин кесе чайналып,
Кыны жок кылыч байланып,
Жоо-жарагын шайланып,
Адамдан акыл бөлүнүп,
Алмамбет уулу Чороңуз
Ач арысландай көрүнүп
Сан кол жарып, жол салып,
Сан түмөн кол капырга,
Эр Чаңдыаяк баатырга
Жеке аралап кол салып,
Алкым жагын Семетей
Айдап жүргөн кези экен.
Туу түбүндө балбанга
Алмамбеттин Күлчоро
Туура кирди жаңжалга,
Кичи казат атагы –

www.bizdin.kg



Карасаат жолтойдун
Ааламга жетет чатагы.
Өлүшпөй менде жатабы.
Буурул менен ойнотуп,
Бир чекесин султан эр
Кырып жүрөт сойлотуп.
Кагыш кылбай калбады,
Канкорлордун жаңжалы
Эрен өлүп, кан өлүп
Эрикпей кыргын салганы.
Он эки солоон, кырк калдай
Ошолордун колунан
Чубактын уулу чорону,
Чуулгандуу абасын
Чунак экен Күлчоро
Суркоён менен зыргытып,
Беттешкенин берениң
Айза менен аңтарып,
Ар кайсысын ыргытып
Бул өңдөнүп ким жүргөн?
Кыраан экен Күлчоро
Кытайга салды чоң дүрбөн.
Эбегейсиз жан өлүп,
Эшилген уруш ичинде
Албан түрлүү кан өлүп.
Касаба сынып жөлөнүп,
Шай колдогон Күлчоро
Капкара канга бөлөнүп
Тогуз күнү аралап,
Журт бөрүсү кайран эр
Кыйла жерин жаралап,
Чакчалекей чаң болуп,
Кызыл чийе кан болуп,
Керишке кирген Күлчороң
Кыймылдабай дал болуп.
Сыр айза белден бүктөлүп,
Чымындай жанга күч келип.
Айбалталар быркырап,
Чоюнбашка күч келип
Мойну үзүлүп чыркырап.
Катуу кыргын салыптыр,
Канча жери жарадар
Канчородой беренди
Калың кытай колунан
Ажыратып алыптыр.
Шер экенин билгизип,
Суртекеге мингизип
Кызыл кыйма кыргынга
Каньп чыккан кези экен.
Кытайлардан Чорону
Ажыратып Күлчоро
Алып чыккан кези экен.
Кызыл-Кыя жолуна
Аман-эсен жеткирди,
Кыргыздардын колуна.
Күлчорону көргөндө
Сары кан, Бакай карысы,
Эрендердин баарысы
Алакан жайып буркурап,
Алмамбеттин берени
«Аман жүр» – деп чуркурап,
Калайыктын карысы
Калың элдер таң калып,
Төрө агаң Бакай карысы
Кайран энең Каныкей –
Берен энең бейтаалай
Белекке берген күлазык
Белесте чайкап ичишип,
Бет алып кирди кытайга.
Белсенип чоро киргенде
Асманга учуп топурак,
Адам жайнап топурап,
Эреңден бирөө калбаптыр.
Эр Коңурбай, Эзкара
Эки абасын баш кылып,
Ал Чаңдыаяк айдаптыр,
Жадаалды жаман баштаптыр.
Тил албасын союптур,

www.bizdin.kg



Калың балбан чуу туруп,
Жанынан кечип коюптур.
Калк баштаган капырдын,
Кагышын көрсөң момундай
Эр Чаңдыаяк баатырдын,
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күчтүүлөрүн каптаткан
Берендин баарын сабылтып,
Мергендерин жабылтып,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жабыла кытай кол салып,
Кеткен экен Чаңдыаяк,
Эли каптап жеткенче
Калкы каптап чуу туруп,
Ажыратып кеткиче
Катуу кагыш салгын деп,
Эр Семетей баатырды,
Тындым кыла салгын деп,
Төрөсүнө Күлчоро
Жолдош болуп бергиче,
Ажыратып кеткиче
Жобону мыктап салгын деп,
Калың мерген ок атып,
Жоксон кыла салгын деп,
Эр Чаңдыаяк жетиптир.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Чаңдыаяк курчап кетиптир.
Семетейге бир мүшкүл
Салган экен Чаңдыаяк
Баатырларын каптатып
Калган экен Чаңдыаяк.
Күндүзү бүркөө, түнү ачык
Асман жарык, жер бүркөк
Аябаган чоң жаңжал
Салган экен Чаңдыаяк
Керишке мыктуу Чаңдыаяк
Кериктин оозун бурганы,
Күндү жайлап турганы.
Дүнүйө жүзүн карартып,
Кулду Кудай урганы.
Күндү жайлап турганда
Чаңдыаяктын кызыгы –
Эр Семетей баатырдын
Эми көргөн бузугу.
Боз керигин булкунтуп,
Кармап турду Чаңдыаяк,
Бороон жамгыр жаадырып,
Жайлап турду Чаңдыаяк.
Эр Семетей баатырга
Бекем мүшкүл кылганы.
Күндүн куюн бузултуп
Абаны бузуп турганы.
Жердин жүзү кыбырлап,
Чөптүн баары тыбырлап,
Асмандан алты сай мөндүр шыбыргак
Колоттон туман табылып,
Тоо-тоонун башына
Аркайып булут жабылып,
Жер силкинип кыбырлап,
Туш-туштан желдеп мөндүр шыбырлап.
Арыктын баары жыгындап,
Аңгектин баарын тыгындап,
Тескейдеги жыгачтын
Тамыры калып короюп,
Бул балаага чыдабай,
Жан-жаныбар, калайык
Өлүп жатты тыбырап.
Күндүз күнүн түн кылды,
Кабылышкан менден
Кармап тытып жүн кылды.
Мына ошондо Чаңдыаяк
Кылганына сүйүнүп,
Кытайдан чыккан эр чочко
Кызыл-тазыл кийинип.
Беренжини салынып,

www.bizdin.kg



Белсенген экен куу чочко
Кол салууга камынып,
Артынан такоол көп улук,
Такоол кирди жабылып.
Мында, асыл султан Семетей
Буурул атын булкунтуп,
Эри өлгөндөй карандын
Ээлендирип жулкунтуп,
Эңкейиште эр сайып,
Эченин катар тең сайып.
Ата, короздой болгон кайран шер,
Козголбогон кайран эр
Зыңгырап сырттан кенебей,
Булкушуп жүргөн согушту
Теги бучкагына теңебей.
Азыр өлүп кетем деп,
Ойлонуп баатыр кенебейт,
Жабылып жаткан манжууну
Деги бучкагына теңебейт.
Эрлик менен шерликти
Эбегейсиз кургурга
Берген экен ченебей.
Жер карарып кеткени
Жалгыз калбайт экен деп,
Жалпы журт турат күйүнүп.
Кадыр түн каптап кеткенсип,
Кайран төрөң канетсин
Кашкая күлүп сүйүнүп.
Кадыр Алда жол бер! – деп,
Төрөңүз ок өтпөс тонду кийинип,
Береленип белсенип,
Ач арысландай теңселип,
Кыймылдаса козголуп,
Ата абийирдүү туутан кыраанын
Ажыдаардай толгонуп,
Алышка кирди кабылан.
Жеткилең төрө, сан калдай
Жетиги Калча, Эзкара
Тегиз кирип канкорго
Тегиз айза салды эле.
Опол-Тоодой даңкайып,
Ортосунда шер төрөң
Оолжуй түшүп калды эле,
Он эки батман чоюнбаш
Ар келгени салды эле.
Деле чымыркаып былк этпейт,
Чымын чапкан эмедей
Деги чын Кыдыр чалган кургуруң
Чындаса кытай былк этпейт.
Ошондо турду Семетей:
«Баарың кытай, мен жалгыз
Бастырып күчкө салгын деп,
Баатыр болсоң көп манжуу,
Мени байлап алгын» – деп.
Былкылдабай турду эле,
Кытайды Кудай урду эле.
Каарлуу кытай жетти эле,
Алеңгир салып баатырды
Алек кылып өттү эле.
Жана балбандары, шерлери,
Баары мерген эрлери
Каптап жетти канкорго.
Атка оюнпоз, жөө күлүк
Эр Семетей баатырга
Чаңдыаяк салды чоң бүлүк
Мына ошондо Чаңдыаяк
Жыдымак машаа тартышка
Келген экен Чаңдыаяк,
Бээжинден чыккан белсенип
Мерген экен Чаңдыаяк.
Мунун атасы мерген чоң улук –
Алыстан келген тоорулуп.
Эми адис болгон союлгур –
Айдалыда очогор,
Мунун очогору милте экен,
Бул кытай оттук, боор таш
Кырып ийип от койду.
Милтесине чок коюп,

www.bizdin.kg



Алты сайлуу очогор
Алып камдап Чаңдыаяк
Эр Семетей баатырды
Аны менен миң атты.
Анын огу жеткинче,
Каптап огу өткүчө,
Ок басылып кеткиче
Араан ооз, сыр жебе
Чаңдыаяктын аңгеме
Ала коюп жүз атты.
Адам, уңгусу чоюн, учу курч
Ушундай дүмөк жаа менен
Аны менен миң тартты.
Анын арт жак жагынан
Коргошун октуу жазайыл
Козголсо жанды жок кылат,
Муну менен миң атты.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жакшы мерген Чаңдыаяк
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Мунарыкты көр, чокту көр,
Семетейдин башына
Бузулбай тийген окту көр.
Жамгырды көр, селди көр,
Селдей каптап окту көр!
Бузулуп огу дүркүрөп,
От шыркырап күркүрөп,
Ойронуңа жетти эле,
Буурул аттын жабуусун
Булкуп кетчү эмедей
Булкуп-силкип өттү эле.
Жамгыр сындуу күркүрөп
Көкжалыңдын үстүнө
Жаанын огу жетти эле.
Адам, мөндүр тийген эмедей,
Кабыландын Аколпок –
Аколпоктун этеги
Көтөрүлүп өттү эле.
Салышкан жери коо болуп,
Улам силкинсе огу бадырап
Жерге түшсө too болуп.
Алышса Буурул жүгүрүп,
Атаганат дүйнө деп,
Арыслан жандан түңүлүп.
Ардай болгон Буурулдун
Ок өтпөгөн суп жабуу
Ок жаңылып кетпеске
Ойлоп кылган эмеспи.
Омуроого куп жабуу
Келтенин огун келтирбей,
Как ошондой кылдырган.
Ачык жерин карандын
Топчу менен топчулап,
Үпчү менен үпчүлөп,
Как бооруна тундурган,
Муну кемпир каалап, кыз тиккен,
Келишимдүү уз тиккен.
Уздан уздар улаган,
Муну сынчылар көрүп сынаган.
Муну өзү тиктеп энекең,
Жарабай калса сөктүргөн.
Болот эгеп жиберип,
Ок жаңылып кетет деп,
Так эле ортосуна төктүргөн,
Курчтан жыйып кандырган,
Балбанмын деген берендин
Кармаса колун талдырган.
Арбуурулдун суп жабуу,
Абайлап көрсө сур жабуу.
Кээ жери тигишинен сөгүлгөн,
Ал Чаңдыаяк капырдын
Огу мүшкүл көрүнгөн.
Кайрылып келип Семетей
Капка-Ташка токтолду,
Каарланып кайран эр
Күлчорону жоктоду.
Өөдө тартсам – өбөгүм,

www.bizdin.kg



Ылдый түшсөм – жөлөгүм.
Болот саптуу айбалтам,
Болжолу жок чоң аркам.
Буурул ат менин бууданым,
Күлчоро менин тууганым.
Тай, кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Караан кылган Канчором
Өбөк кылар бел да жок.
Кытай түмөн, мен жалгыз
Кыргынды качан салам деп.
Кыйын экен Чаңдыаяк,
Кыраандар жетип абасын
Кыргын кылып салар деп.
Качан жетип абасын
Ажыратып алар деп.
Беттешкенди мент кылды,
Берен экен Чаңдыаяк
Какандан келип чыр кылды.
Кан балдарын мерт кылды.
Байтайлак баса кан өлдү,
Албан түрлүү жан өлдү.
Бет алганды тойлоду,
Беттеп жанды койбоду.
Караан кылган Күлчором
Качан колго тиер деп,
Канды суудай агызып,
Кармашты качан салат деп.

## КҮЛЧОРО БАРЫП, СЕМЕТЕЙДИ АЖЫРАТЫП АЛЫП, ЧАҢДЫАЯК МЕНЕН ЧАБЫШЫП, ЧАҢДЫАЯКТЫ ӨЛТҮРГӨН ЖЕРИ

Мына ошондо Күлчоро,
Шай колдогон шер чоро,
Телегейи тең чоро
Жаадай учкан сур минип,
Жалаң кылыч байланып,
Жан алчу түрү көрүнүп
Абасы түшүп эсине,
Кыргыздан чыгып бөлүнүп,
Атасы арыслан Алмаңдан
Арта тууган Күлчоро
Эки жагын каранып,
Эбегейсиз шер Чоро
Ээрди, мурдун жаланып,
Көрүнөө колдон бөлүнүп,
Сөлөкөтү, сөлбөтү,
Атка минген келбети
Алекең кандай көрүнүп.
Абасы түшүп эсине
Чындап белин курчанып,
Чыдай албай Чоронун
Чылгый ичин өрт чалып,
Арыслан көзү бек жайнап,
Каарланып кысталак
Кан ичмеси бек кармап,
Арсыландай шер Чоро
Ай-ааламды буй кылган,
Атасы көкжал эр Чоро –
Шай колдогон Күлчоро.
Кызыл панар чок экен,
Душманга болот ок экен,
Кыргызда мындай жок экен.
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир канча.
Ай касаба кызыл туу
Алышка кыргын салыптыр,
Канчоросун кытайдан

www.bizdin.kg



Ажыратып алыптыр.
Чубак уулу Канчоро
Жети түн жүргөн аралап,
Бул да Чаңдыаяк менен чапчышып,
Жетимиш жерден жара жеп.
Өзөнчөнүн жонунан,
Алган экен кыраанын
Ажыратып Чорону
Сан калдайдын колунан.
Сары кан, Бакай канына,
Аман берди Чорону
Аргын, кыргыз баарына.
Атасы мерген чоң улук
Чаңдыяактай капыр жок,
Эстеп чыгып каалаcа
Эр Семетей баатыр жок.
Султанды алдап алган бейм
Ата кутуруп өлгөн Чандыаяк
Тиктеп огун жабылтып,
Кармаш кылып султанды
Каканга байлап алган бейм.
Тагдыр жетсе өлөйүн,
Таалайым султан абама
Караан болуп берейин.
Суркоён тулпар минейин,
Кара кытай, манжууну
Каканга чейин сүрөйүн.
Чоң атабыз Чылаба,
Чылабанын шаарына
Чып кырылтып манжууну
Чындап айдап кирейин.
Тирүү жүрүп нетейин,
Караан кылган көкжалга
Кайра тартпай кагышып,
Карсылдашып чалышып
Так Бээжинге айдап кирейин.
Арка кылган абамды
Алты сан кытай, түмөн кол
Тегеректеп алган бейм,
Чама кетип, ал чарчап,
Жалгыз кирип кагышка
Берен абам алган бейм.
Өлбөй тирүү бар болсо,
Бейпайды бекем көргөн бейм,
Тегиз кытай чуу туруп,
Түмөн шибээ, Чаңдыаяк
Түп көтөрө чуу туруп,
Тегеректеп алган бейм.
Каза жетсе өлөйүн,
Өткөрө шер абамдын
Өлбөй тирүү бар болсо
Караан болуп берейин.
Берен султан эр абам
Балдар ачка болот деп,
Казы, карта жегизди,
Чындап тууган болууга,
Берен энем бейбактын
Оң эмчегин эмизди,
Аргын менен кыргызга
Качан балан дегизди.
Жетик султан шер абам
Бешке жашым келгенче
Бек кызыкка батырды,
Берен абам койнуна
Сегизге чейин жаткызды.
Эркелетип кан абам
Эриксек элик атчу элек,
Эрикпесе курган жан
Чатыраш ойноп, даң салып,
Чалкайып жыргап жатчу элек,
Кымыз ичип, кыз ойноп,
Кымбатым абам барында
Кыйын жыргап жатчу элек,
Кымбатымдан, шеримден,
Караан болуп берейин,
Жер жайнаган сан колдон
Жеке кыргын салайын,
Жеткилең шерим абамды

www.bizdin.kg



Ушу жол таап алайын.
Каруусу толук капырдан,
Ат оюнчу, жөө күлүк
Казыналык чоң мерген,
Кытай бузуларда чыгуучу
Чаңдыаяк мерген колунан
Каркыранын жонунан,
Үкүрчүнүн белинен,
Үч-Капкактын четинен,
Айгыр-Жалдын астынан,
Тээк-Тоонун жонунан
Түмөндүү кытай колунан
Абамды жоктоп калайын».
Деп, ошентип, Күлчоро
Уңгусу болот, учу курч
Урушка сунган сыр айза
Оңурайта сунуптур,
Көкжал чороң үн салып,
Көпкөк темир курчанып,
Түп көтөрө бөлүнүп,
Түн каткандай көрүнүп,
Омуроо бою күрөөкө
Бу жанында балкылдап,
Урушка кирчү жай-жарак
Орду-ордунда жаркылдап.
Тула боюн топчулап,
Толтогой өңдүн баарысын
Көк темирдеп үпчүлөп,
Келберсиген чоронун
Жоо кийминде тешик жок,
Карасаат чиркинге
Бу кабылган жоодо кешик жок.
Кыймылдаса Күлчороң
Кызыл белес быткылдай.
Кыймылдаса жөн эле
Кылымдын элин жуткудай.
Узун бойлуу, кең далы
Ичи кенен, чалкак төш
Семетей жоктоп Күлчоро
Кармашка кирер ошо кез.
Сурат оозун жайды эле,
Атасынан бабасы
Арсыландын өзү деп,
Журт чуркурап калды эле,
Мына ошондо Күлчоро
Карап турган адамдын
Жоону көздөй бет алса,
Жоболоң көөнү бөлүнүп.
Жолу болгон шер чоро
Касабасы калкылдап,
Аскар тоодой көрүнүп.
Бура тартпай челишке
Буудан төрөң жеткидей,
Сан түмөн жоо дебестен,
Бир сапарын аралап
Талкан кылып өткүдөй.
Башынан кыраан Күлчоро
Каарын төгүп сумсайып,
Кагышты катуу баштады.
Абакесин көргөнчө
Кылча көрбөй куу жанды
Өлүп кете таштады.
Ээр белдей белеске
Элтең уруп Күлчороң
Эренин жоктоп чыдабай
Эми көкжал жетти эле.
Тегерегин каранып,
Терендиги мамындай
Ач арысландай жаланып,
Кажылдаган кытайдан
Кыргын болуп каларга
Кыйындарын карабай,
Аралады сан колду.
Кылча жанын аябай,
Тушунан кирди зыргытып,
Беттешкенди шер Чоро
Айзалап сайып ыргытып,
Аралап кирип урушту.

www.bizdin.kg



Карасаат бачагар
Ким көргөн мындай жумушту.
Толкуп жаткан мунарык
Караан десе, эл экен,
Карарып жаткан быжылдап,
Мунарбы десе, өрттөнгүр
Толкуган кытай эл экен.
Жер жүзү менен бир болуп,
Көк-ала сакал манжууга
Көмөк берип Чаңдыаяк
Көкжал келген кези экен.
Куп жаңжалга кутуруп,
Жаңы келген кези экен.
Канкор Калча жөкөрү
Баары келген кези экен.
Албан түрлүү мергендин
Баары келген кези экен.
Кыжыраса кытай журт
Кылымды таптап кеткидей,
Кыжылдаган капырга
Төшү түктүү кара жер
Калыңынан түткүдөй.
Каарланып толкуса,
Караны мынча кытай журт
Кармашты карап кылгыдай,
Кыжылдаган өрттөнгүр
Кыргыз турмак кылымды
Тепсеп жүрүп кыргыдай.
Чапчышып чама келгисиз
Чарк жыйылган капырды
Чамаа жетип кыргысыз.
Жалгыз ат кайра тартпаган
Жолго кирип барды эле,
Жалгыз жан качып кутулгус
Колго кирип барды эле,
Чалынган кайра чыкпаган
Торго кирип барды эле,
Адам бойлоп кече алгыс
Шорго кирип барды эле.
Адам алы жеткисиз
Колго кирип барды эле,
Бир жерде бар мунарык –
Мунарыкты караса,
Аскер жайнап дуу болуп,
Кудай бетин көрсөтпө,
Асман жарган чуу болуп,
Калайык кайнап, сел болуп,
Кажылдап кытай эл болгон.
Таш сайынган таштуусу
Такыр каптап алыптыр.
Жайнап толкуп жайнаптыр,
Жана көрсөң бул кытай
Эзелки жини кармаптыр.
Аркан салчу күлүгү,
Ашкан экен кытайдын
Мурункудан бүлүгү.
Белгилүүлөр бетинде,
Мергендери четинде,
Мергенден мыкты Чаңдыаяк
Кызыл-тазыл кийинип,
Жаадай ыргып жылмайып,
Мергендердин баарысы,
Ал мергендин ичинде
Албан түрлүү карысы,
Бет алганды жок кылчу
Ада мергендердин баарысы
Кайсаса канга тойбогону
Кагышса жанды койбогон,
Очогор сунса ал кеткен,
Дүп дегенде карандан
Түтүндөн мурун жан кеткен.
Жаасы жаман чочуган
Ошо жаа тартчу мергени
Жадыгөйдөн окуган.
Жадалдыгын карматса
Кызыкты кыйын баштаган
Кызыгышып келгенде
Кыргын кылып таштаган.

www.bizdin.kg



Тегеректеп четтеген,
Кез болгон аман кетпеген,
Очогору курумсак –
Ошондой түрүн ойлоп бак.
Жашыл, кызыл кийинип,
Оюлган мерген адаты,
Илек окшойт санаты,
Кабылганды жөн эле
Канын ичмей адаты.
Ал балбандын ичинде
Эр Чаңдыаяк алпы бар,
Кез болгонду соо кылбай
Жөн эле канын ичмей салты бар,
Какандан бери камданып,
Келген экен каркыбар.
Албан түрлүү балбаны,
Бар экен мындай канаты.
Айбалтасы колунда
Миң жанды бирөө жайлаган
Ырас экен адаты.
Албан түрлүү жолуна
Асыл тууган Күлчоро
Жайдаңдап кирип барды эле,
Атышты арбын салды эле,
Боз мунарык, күйгөн чаң
Болжолу жок илек жан.
Кез болгон аман тартабы,
Келген экен куралып
Кезиккен аман кайтабы?
Ашкан экен ааламдан
Чаңдыяктын шайтаны.
Кожожаш мерген уулу экен,
Шамдагайы болжолсуз
Шапылдаган кул экен.
Берен да экен, шер да экен.
Кезиккенди кемиткен
Кезикке чалыш уул экен.
Келип жетти Күлчоро
Кыжылдаган мергендин,
Курттай курчап келгендин
Кутпа жаккы бетинде,
Кыбыла тарап четинде
Оңкоңдотуп Сур атын
Оюлган чоро чыкты эле.
Чыгып алып караса –
Чынмачындап бакырып,
Чындап ураан чакырып,
Агала байрак туу толуп,
Айгайы арбын чыр болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Аябаган дуу толуп.
Кечип адам өткүсүз,
Баякыдан чоң мүшкүл
Кезигип менде кеткисиз.
Миндей жаны болсо да
Кез болгон аман кеткисиз.
Кагышкан кайра тарткысыз,
Мындан кармашкан аман
кайткысыз,
Кезенип менде келгисиз,
Керишип менде жеңгисиз.
Балбан жайнап жүгүрүп,
Көз болуп кылган Күлчоро
Кеттим деп жандан түңүлүп.
Орто жери оюлуп,
Эки чети тоо болуп
Ок кызарып, жаа учуп,
Опсуз жаңжал салыптыр.
Буурул менен төрөңдү
Кайнап кытай чуу туруп,
Эй, капырай, тегеректеп алыптыр.
Жамгырды көр, чокту көр,
Кайран абам башына
Жайнап тийген окту көр,
Кылкылдап кытай барыптыр,
Күркүрөгөн султанды
Кырк эки курчап калыптыр.
Жазайылды мүшкүлдү

www.bizdin.kg



Көрмөк болгон кези экен,
Жабылып мерген ок атып,
Өлө турган кези экен.
Берендери, шерлери
Бет алып тажаал салыптыр
Берен экен Чаңдыаяк
Берен Семетейинди
Бет алып атып калыптыр.
Ачык жерин таба албай,
Болжоп жерге жете албай,
Кызыл, жашыл кийинип,
Тегерене жүгүрүп,
Тешик жерин таба албай
Теги ушинтип атыптыр.
Мөндүр кылып ок атып,
Теңиз көкжал баатырды
Тегеректеп жатыптыр.
Жамгырын көр, огун көр,
Жабылып жаткан колун көр.
Кытайдан балбан Чаңдыаяк
Кыйындап октон салыптыр,
Ок жаадырып, жаа атып
Ойрон Семетейинди
Он сегиз курчап алыптыр.
Чымырканып күйүнгөн,
Кол ичинде Семетей
Чиркиниң чымындай жандан
түңүлгөн.
Аккелтени октоткон,
Абай жабуу Аколпок –
Энеси берген белеги
Экөө окту токтоткон.
Ок сокмогу көп тийип,
Буурул аттан ал кеткен,
Семетей көкжал султандын
Чамасы чарчап, ал кеткен.
Эрбеңдеген эки кол
Өөдө болбой шал болуп,
Ок сокмогу тийгенде
Кыймылдабай бүткөн бой,
Чымырап уюп дал болгон.
Буурул менен барбайып,
Турган экен эр төрөң
Кол ичинде дардайып.
Атасынан бабасы
Өлүм десе сүйүнөт,
Мында да дажаалдыгын карачы,
Ата, козголбогон кайран шер,
Ата, коңгураган курган эр
Кап-Тоосунда калкайып,
Адам, кара Буурул тайкы жал
Мунун Буурул аты заңкайып,
Толуп жаткан кытайды
Каарланса шаштырып,
Астындагы Буурулун
Маңкаң-маңкаң бастырып.
Керишке кирди кебелбей,
Келе жаткан Чаңдыаяк
Өлүп кетемин дебестен,
Төрөнү бучкагына теңебей.
Сан түмөндөп ок атса,
Адам, Семетей турат кенебей.
Ата, Шай колдогон султан шер
Зың-зың этип кенебейт.
Ажал менен азапты
Артык тууган курган шер
Ата, бучкагына теңебейт.
Атасы көкжал Манастан
Артык тууган көкжалың
Туйлап кытай ок атса,
Туруп берген кенебей.
Быяктан мергендер каптап
чуркурайт,
Кыйшайып койсо кабылан,
Быягынан кытайың качып
дыркырайт.
Анда-мында барбактап,
Көкжалың ак келте менен бир коет.

www.bizdin.kg



Жана кабылган шибээ, сан тыргоот
Мына качып, дүргүп дыр коет.
Мергенден мыкты Чаңдыаяк,
Кызыкты көрдү Күлчоро.
Абакесин көргөндө
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Башына алтымыш мүшкүл
бир келип.
Каны качып, суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Баланын акыреги ылдый куюлуп.
Көңүлү жаман бөлүнүп.
Жетим калчу эмедей
Баланын көзүнүн жашы төгүлүп.
Сыр найзаны колго алып,
Балаң Суркоёнду бир салып,
Абакелеп бакырып,
Кырааның Манастап ураан
чакырып.
Сур аттын мойнун бурду эле,
Кыйкырып айза сунду эле.
Кап-Тоону жеген канкорго
Көкжалың караан болуп турду эле.
Курчаган кытай капырга,
Эр Чаңдыаяк капырга
Колун бузуп, жол салып,
Козголбой чороң кол салып.
Суркоён менен зыргытып,
Шашканын көрчү Чоронун.
Айзадан жакын калганын
Шыйрактан кармап ыргытып.
Жер жайнаган кытайдын
Жети миңин бир жайлап,
Жеткен жерин майдалап,
Жетигим абам кайдалап,
Жетип барды жалаңдап.
Ободо чолпон жылдыздай,
Болжош болуп калды эле,
Адам, онжоңдогон төрөгө
Жолдош болуп калды эле.
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Төрөсүнө иниси
Жолдош болуп алды эле.
Кыстоо көрүп кытайдан
Семетей турган экен сабылып,
Инисине төрөсү
Коё берди жалынып:
«Ата, айланайын Күлчоро,
Аргымак бактым, ат бактым,
Асты убайын көрбөдүм,
Айлансын Буурул буудандан.
Азамат жыйдым, шер жыйдым,
Айланып кетсин жан биргем
Күлчоро сендей туугандан.
Киндикти кескен жер бирге,
Туулуп өскөн эл бирге.
Жылкы айдаса чаң бирге,
Өлүм орток кан бирге,
Ажалга орток жан бирге.
Сен келбесең төрөгө
Көргөзмөк Бээжин калааны,
Бөлүнтмөк болчу санаамды,
Агызмак болгон канымды.
Артык энем Каныкей
Аколпогу кийгеним.
Кыймак болгон жанымды,
Агызмак болгон канымды,
Ажыраттың Күлчоро
Ар Буурул өңдүү малымды,
Алып калдың садага,
Бир чымындай жанымды,
Мен Семетей болгону
Кабылган жоону сойгомун.
Манастан туулуп болгону,
Атакем Манас кууганы,
Энекем шордуу тууганы
Жетим калып жетилип,

www.bizdin.kg



Жергеге эптеп кошулуп,
Эрешен тартып, эр болуп,
Акыл ойлоп, эс эстеп,
Эр уулу менен тең болуп.
Алчаңдатып Буурулду
Ача бут артып мингемин.
Атамдан калган Аколпок
Аколпокту кийгемин,
Ботом, айкырып жоого тийгемин.
Жет-Кайтты тооруп жол салдым,
Жеткен жерге кол салдым.
Арбайып атка мингени,
Айкырып жоого тийгени
Азелде мындай көрбөдүм.
Кыйын тууган Күлчором
Кымбатым өзүң келбесең,
Аман жүзүң көрбөсөм,
Кытайлардын тобунан
Кыйшая түшүп оңолдум,
Чаңдыяктын огунан.
Кыяматтык жапаны
Көрөрүмдө кезиктиң.
Кызыталак кайран жан
Өлөрүмдө кезиктиң.
Сендей тууган балага
Айлансын абаң садага!
Чамаа чарчап, ал кетти
Чаңдыяк экен чоң мүшкүл.
Кыймылдаса абаңдан
Кыялдан тантып ал кетти.
Кутурган итке кезигип,
Куу жолтой абаң минетти».
Деп, ошентип, Семетей,
Арбуурул ат силкинди,
Аколпоктон мөндүрдөй огу бөлүнүп,
Төгүлгөн огун карасаң
Так жолум үйдөй көрүнүп.
«Жолу каткан Чаңдыяк
Мунун жоругу жаман көрүндү.
Берен да экен, шер да экен,
Беттешкен жанды кырууучу
Мунун бейпайы толук эр экен,
Бая бет алдым мындай мүшкүлгө.
Күндүзү бүркөк шыбыргак
Күндүн бир кую бузулду.
Күчөгөн экен Чаңдыяк,
Туу түбүнө туруп бер.
Курган абаң мен үчүн,
Куралган кыргыз эл үчүн
Тынбай согуш кылып бер!»
Деп, ошентип, Семетей
Медер кылды чорону.
Кагышса кирип кайрылды.
Бабабыз Бакай карыя
Бу Чаңдыяк капырдан
Баласы Байтайлактан айрылды.
Каарланса Чаңдыяк
Карасам түпкө жетет бейм.
Азганакай бул журтту
Калтырбай кырып кетет бейм».
Деп, ошентип, Семетей
Өрттөй көзү жайнады,
Кан ичмеси кармады.
Укумунан-тукуму
Ажалдан тартпас айкөл шер,
Арыслан тууган курган эр.
Кайрат айтып Чорого:
«Кымбат Бакай карыбыз,
Кыйын экен Чаңдыяк
Кыргын тийген эмедей
Кырылалык баарыбыз.
Түп көтөрүп дүңгүрөп,
Жер жарылып күлдүрөп,
Жетик кыргын салалык.
Кыйрагандап салышып,
Кырылышып алалык.
Айза сынып, боо болсун,
Адам өлүп, тоо болсун,

www.bizdin.kg



Адам калбай түз болсун,
Кыяматтык мендени
Унутулгус иш болсун.
Урушка мыктап кирели,
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Бул кытайды сүрөлү.
Таштууларын соёлу,
Кара журттун баарысын
Тийбей аман коёлу.
Бадана кийип балкайган
Баштууларын кыйратып,
Кыйын кыргын салалык.
Калган журттун баарысын
Кара калмак, манжуудан
Ажыратып калалы,
Атышты арбын кылалы»,
Деп, ошентип, Семетей
Ушундай кепти кылганы.
Жалаңдаган эр Чоро
Жана убара кылганы,
«Кытай түмөн, кыргыз аз
Кымбатым абам, кабылан
Кырылышып көрөлү.
Бу кызталак куу жанды
Ушу кытай журтка берели».
Деп, ошентип, Күлчоро
Айтканың абам, акыл деп,
Дегениңе макул деп,
Бу кытайдан аянып калган адамдын
Жети атасы капыр деп,
Ак буудай данын чайнашып,
Абаке төрө Семетей,
Акылынан алтаңдап,
Айла таппай калтаңдап,
Шашканыңдан болсун деп,
Ажалдан кийин болсун деп,
Качкан катын болсун деп.
Өлүп калчу ант кылып,
Убаданы бат кылып,
Тынган сөзгө жарашып,
Көк болот мизин жалашып.
Адам өлөр шерт кылып,
Кайра тартар кытайдан
Ак бараңдын чогу урсун,
Аккелтенин огу урсун.
Төбөсү бүтүн Көк урсун,
Төшү түктүү Жер урсун,
Арыслан Манас, эр Чубак,
Алмамбет менен эр Сыргак
Арбагы каалап бизди урсун!
Ай бөксөрүп, күн өтсө
Алыш кылам минетип.
Кыйналып чамаа кеткиче,
Кылча калбай жалгыз жан
Кыргын болуп кеткиче
Кыйындап согуш салбасам,
Кыйын балбан Чаңдыаяк
Чалкасынан салбасам.
Көк ала сакал эр манжуу
Коң төрөсүн сойбосом,
Көөдөндөн чыккан кара кан
Кымызча шимип сорбосом.
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн!
Арчындап белим буубасам,
Ата кунун куубасам.
Тың экенин билейин,
Тирүү жүрбөй, абаке,
Тигимден жүрүп өлөйүн!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Шерге убада кылганча,
Айтып оозун жыйгыча,
Арчындап белин бууганча,
Андай-мындай дегиче,
Кудай бетин көрсөтпө,
Коңгуроо бекем кагылып,
Кол эсинен жаңылып.
Кара кайсар каркыбар,

www.bizdin.kg



Кагыштын мындай баркы бар.
Кармаш кылган жеринен
Канын ичмей салты бар.
Мергендиги белгилүү,
Бейли кара чочконун
Бейжайлыгы көрүнөө.
Картайганда Коңурбай
Акылга дыйкан доңуз ай
Сексенге чыккан карганы
Атышып кырып ийүүгө
Каканчынын канынан
Каалап алган балбаны.
Кабылып адам барабы,
Кармашкан тирүү калабы?
Тирүү калбас себеби –
Айласыз теңиз, эң мерген,
Акылга дыйкан эң ыктуу,
Тозок тартпас Бээжин журт
Толкуса чыкчу балбаны
Буй болбогон каканчын
Буйгуттан чыккан балбаны
Ал Чаңдыаяк дээр экен.
Кырк кан журту кытай журт
Бузулса чыгат дээр экен.
Кара капчал бел экен
Бүт Каканчы калааны
Кайтарып турган шер экен.
Зыйкырлуу кыйын жан экен
Чынмачынга, Бээжинге
Так кайтарып отурган
Чын балбаны дээр экен.
Ак маралды кууп атып,
Уй кылганы келиптир.
Ай-ааламдын баарысын
Буй кылганы келиптир,
Окчонтой менен коломсок
Ок кылганда келиптир.
Семетей менен Күлчоро
Кыл эмесин таштабай,
Кызыталак кыргызды
Жок кылганы келиптир,
Беттеп менде барбаган,
Бет алса жанды жайлаган.
Сыягы бөлөк, заары күч,
Чындаган экен Чаңдыаяк,
Тегеректеп ок атып,
Балбандарды бакырып,
Кыйын мүшкүл баштады.
Карабжы кийген кандарын,
Каарланып какайып,
Кырып ийе таштады.
Тегиз көкжал Семетей
Тегеректеп аларда,
Сыйман кылып таптаптыр,
Сыйпап кырып саларда,
Кажагайлап калганың
Кана капта балбаным.
Атактуу болдум чоң улук,
Бурутту кырып өткөнгө
Бээжинден чыктым тоорулуп.
Кырк уруунун элинен,
Чоң-Бээжиндин өзүнөн,
Ит-Баспастын талаадан
Келдик эле мергендер
Кабылганды кайсоого.
Каканчылуу калаадан,
Бекип жаткан белинен,
Кырк уруу кытай калың эл
Киндик кылган жеринен,
Куш кутулгус тешиктен
Кырк капкалуу эшиктен,
Каканчынын канынан
Калдык эле аттанып
Кары кандын алдынан,
Тегиз чынар багынан,
Кандын алтын тагынан.
Жолборсу он беш төлдөгөн,
Жолугуп менде жеңбеген.

www.bizdin.kg



Эсенкандын алдынан,
Короолонгон багынан,
Капка-Булут шаарынан,
Чыктык эле камданып,
Кырк кулач жетпес чоң тамдан
Кыргызга жаңжал салганы.
Келдик эле чоң кандан.
Ойлогула мергендер,
Булкушарың бурут журт
Буга жаңжал салууга.
Кечилдин каны Коң төрө –
Келберсиген чоң төрө
Ажыратып алууга,
Алышарың бурут журт
Азганакай эл экен,
Белсенип берен чыкканда
Качан бурут эр экен.
Атаңдын көрү, мергендер,
Бурутка бузук салар – деп,
Беттеген жоону алар – деп,
Каалап чыгып Эсенкан
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Ок жетпести мингизип,
Улуңтуу менен дыңшаны
Ушунчаны билгизип,
Каалап каның чыкты эле.
Кырк күнчүлүк жол жүрсө
Кыйшайбас керик малың бар,
Керженедебей балбандар,
Керишти кенен салыңар.
Тетиги Манастын уулу Семетей,
Алмамбеттин Күлчоро
Аламан салып баскыла!
Албарстай канын чачкыла,
Кабыргасын сөккүлө,
Канын суудай төккүлө,
Жан-жабыла ок атып,
Жалпы баарын жоготуп,
Өрттөнгүрдү кыргыла,
Өрт өчкөндөй кылгыла,
Таш калаасын талкалап,
Такыр малын сойгула,
Таза кырып бурутту,
Жерин ээн койгула»,–
Деп, ошентип, Чаңдыаяк
Мергендерин бакырып,
Берендерин чакырып,
Катуу каарды баштады.
Кыйындары, карысы
Чаңдыаяк кебин укканда
Кыйын мерген баарысы
Кыргын тийген немедей
Кыжылдады баарысы.
Жазайыл атып, жаа тартып
Кыжылдаган капырдын
Кыйын экен карысы.
Чындап огун жаадырып,
Чын качырып калды эле.
Чындаганы Чаңдыаяк,
Керик минген дөөлөрү,
Келген балбан зорлору,
Тегеректеп алды эле.
Жанакы эки төрөгө
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жабылып чогуу кирди эле.
Кызыл мунар чокту көр,
Мөндүрдөй жаап бөлүнүп,
Экөөнө тийген окту көр,
Жашыл-ала күрмөчө
Жаа огу тийип бөлүндү,
Жадаал экен Чаңдыаяк
Жан кыйбас түрү көрүндү.
Кармашты катуу баштады,
Калтылдады кайран жан
Курган Чоро, Семетей
Курчап жаткан капырдан
Кулап кете таштады,
Дүнүйө кызыл чок болуп,

www.bizdin.kg



Алачыктай тоңкоюп,
Жаанын огу топтолуп,
Жаман мүшкүл, чоң кыргын
Жадыкөйдөн болду эми.
Топ бузулуп, жер жайнап,
Көрсөң мындай шор кайнап,
Очогор үнү тарсылдап,
Жан-жанына жаа огу
Тийип жатат карсылдап.
Бөксө-бөксө жерине
Жазайыл огу бөлүнүп,
Жан-жанынан чыркырап,
Жаанын огу төгүлүп.
Жаман экен Чаңдыаяк
Жан койбостой көрүнүп.
Мергендер беттеп жүгүрүп,
Тегеректей келгенде
Кайран жандан түңүлүп.
Карагаттай кайран көз
Оючу түрү көрүндү,
Жана кайран бу жанды
Соруучу сыны көрүндү.
Шай колдогон Күлчоро
Камоодо жатып өлчүбү!
Кара жолтой кытайдын
Бу кордугун көрчүбү!
Чымындай жаны окко учуп,
Абасын жоого берчүбү!
Калың кытай Какандын
Кан Коңурбай баш болсун
Анысына көнчүбү?
Онжоңдогон Сур атын
Оң такымга бир салып,
Опсуз бөлөк айза алып,
Шилтесе өтөр курч кылыч,
Ач билекке салынуу.
Ок өтпөс тон кийилүү,
Атасы кандын сыр бараң
Ай далыда илинүү.
Жетигип белин курчанып,
Жер жайнаган мергенге
Жеке кирди кол салып.
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Асман жарып ок чыккан
Колго кирди Күлчоро.
Адам аттап чыга алгыс,
Шорго кирди Күлчоро.
Ай-аалам чыдап ала алгыс
Колго кирди Күлчоро,
Беттеп кирип барганда
Айза кармап имерип,
Асман жарган кытайды
Торун чечип жиберип,
Айза тийген жерлерди
Айза ийнин аңтарып,
Андан жакын келгенде
Кылыч менен кыйбалап,
Маңдайлаша келгенде
Айбалталап жапырып,
Арсыландай шер Чоро
Манастап ураан чакырып,
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Урушка жолборс Күлчоро
Айдап жүрөт сапырып,
«Алмамбет, Манас эки атам,
Чубак, Сыргак төрт атам,
Колдосоң азыр колдо деп,
Жөлөсөң ушул жолдо!» – деп,
Каарланып бакырып,
Кан Манастап ураан чакырып,
Айдап жүрөт Күлчоро.
Ондон, кырктан тырайтып,
Жайлап жүрөт Күлчоро.
Эңкейгенде эр саят,
Эпсиз экен бачагар,
Эчендерин тең саят.
Жеткен жерин майдалап,

www.bizdin.kg



Жетиктери кайдалап,
Карабжы кийген балбаны,
Кадырлаган жандары,
Кытайдын күрмө кийген шерлери,
Күчтүүсүнгөн эрлери,
Күлчородон көргөнү
Кээ бирлери барбайып,
Денеси калып, башы жок,
Кериштин иши ушундай
Өлүп жатты дардайып.
Эпсиз экен Күлчоро
Эңкейгенде эр саят,
Адам, эбегейсиз кыраан кул
Так элүүдөн катар тең саят
Жаа тартканы сырайып,
Очогор аткан мергендер
Өлүп жатат тырайып.
Кээ бир күлүк качырдын
Ээри түшүп бооруна
Мойноп жүргөн мындан көп.
Эсил кайран жан боорум,
Каканга кантип тарттык деп,
Алдырып кантип кайттык деп,
Чанчуулашып бакырып,
Качпай кел деп чакырып,
Ыйлап жүргөн мындан көп.
Толгондун башы кесилип,
Толуп каптап алды эми.
Олжодогу түшкөн ат –
Теңи тулпар алабаш,
Айзасы бирге иргелеш,
Семетей, Чоро биргелеш.
Капталдан чыгып Чаңдыаяк
Кызыл кийип кубулуп,
Кыйлалары жанында,
Кыядан мылтык жаадырды.
Жашыл кийип Чаңдыаяк
Жабыркатып кысталак,
Жамгыр кылып жаа тартты.
Жаанын огу дыркырап,
Жан-жабылып Чаңдыаяк
Жаман кирди чуркурап.
Белгиленип белсенип,
Семетей жүрөт бир жакта
Бери ургандай теңселип.
Жабылган окту көргөндө
Күлчорону чакырат,
Ошо кезде Семетей
Күлчорого муну айтат,
Билсе мындай шумду айтат:
«Айланайын Күлчором,
Адырга кирер өбөгүм,
Ай, Күлчоро, бөбөгүм!
Буурул менин бууданым,
Күлчоро менин тууганым.
Көрдүм Чоро, абайлап,
Такыр Кудай урганын.
Жашыл мунар зулпукор
Кынынан суурсам бөлүнбөйт,
Кыйыны тажаал Чаңдыаяк
Кыргыздан тийсе колуна
Кылчаяр түрү көрүнбөйт.
Жадыгөй экөө шерт кылып,
Карыбызды берт кылып,
Мерген да экен, шер да экен,
Белгиленип Бээжинден
Бет ала чыккан эр экен.
Амалы артык өлбөстүн,
Качырбай жолду тозбосун,
Билген чырын кылбасын,
Урчу Кудай урбасын,
Жадыгөйү озбосун.
Керишти кенен салбасын,
Келип жолду тозбосун.
Экөөбүздү өлтүрүп,
Мыктап чырын кылат бейм.
Алакандай кыргызды
Кызык кылып кырат бейм,

www.bizdin.kg



Керege, уукту кыйратып,
Келин-кызды ыйлатып,
О, ботом, чоң кыргынды салат бейм,
Бу чындап чочко кутурса,
Чыммачын өчүн алат бейм,
Береги, кара күдүр кайкаң бел,
Атсак кантет, Күлчоро,
Абакем Бакай, кыргызга,
Качсак кантет, Күлчоро?
Желиккен тулпар күлүктүн
Күлүгүнө салсак бейм.
Айла таап берүүчү
Атам Манас сырдашы,
Кайранымдын курдашы,
Бакай канга барсак бейм,
Кыргын кылбай ал элди
Кыраңга такап калсак бейм,
Кыйын кыргын, чоң мүшкүл
Андан кийин салсак бейм.
Журт тукуму калууга
Капчалды тозуп алсак бейм,
Кагышты катуу салсак бейм.
Балам, айла жетсе аз элди
Ажыратып калсак бейм».
Деп, ошондой дегенде,
Ыргып кетти Күлчоро:
«Кокуй, абам, не дейсиң,
Катын белек качкыдай,
Кайратсыз белек шашкыдай.
Өлүмдөн корккон оңобу,
Ажалдан коркуп отурган
Эгерде эки болобу?
Кытайдан корккон оңобу,
Кытай кыйын экен деп,
Кыйын шашып элтеңдеп,
Кыргызга барган болорбу?
Карыганда Бакайды
Капа кылган оңорбу?
Белести кантип ашабыз,
Берен абам, жан бирге
Кытайдан кантип качабыз?!
Кагыш кылып көрөбүз,
Качып-үркүп жүргүчө,
Кагылайын кан абам,
Кармашып жатып өлөбүз!
Аты күлүк буруттар,
Акыл тантып, ок тийип,
Ашып кетти дебейби,
Өрөпкүгөн куу бурут
Өз дүйнөсүн бу жайга
Чачып кетти дебейби.
Куу акылдуу Чаңдыаяк,
Бул акылга салбайбы,
Дүңгүрөтүп калың кол
Түгөл айдап барбайбы,
Эпсиз жаңжал кылбайбы,
Элди-журтту кырбайбы.
Кокуй, аба, не дейсиң,
Эрдигиң калың, эсиң жок,
Энөө киши экенсиң.
Каарлуу экен Чаңдыаяк,
Качып барсак калк өлөт,
Каптап кирсе мергендер
Кармашкан жан жалпы өлөт.
Бу кебиңди ким уксун,
Көз көрбөгөн түн уксун,
Асты калың жер уксун,
Аккан дайра суу уксун,
Өндүрдөн соккон жел уксун
Ушундан бөлөк ким уксун?!
Каптап кирген мергенге,
Бээжинден бери куралып,
Каарын төгүп келгенге
Кагышты катуу салабыз.
Качып-үркүп жүргүнчө
Каза жетсе бир Кудай
Ушу жерден өлүп алабыз.
Экөөбүз качып тең кетсек,

www.bizdin.kg



Кыргыздын бели сынбайбы?
Кытайдын көөнү тынбайбы,
Уруучу Кудай урбайбы!
Белсене чыккан курган жан
Мергенден корккон оңобу,
Кыргындан качкан жигиттин
Эзелде жолу болобу?!
Алышып жаткан баатырга
Мен арышты мыктап саламын
Алмамбет, Манас кандардын
Тирүү чоро мен болсом,
Акыр кунун аламын.
Урушка чыккан Чаңдыаяк
Мына ушу жол Кудай оңдосо,
Узунунан саламын.
Ай мезгилин албаймын,
Алышса кытай жан мына,
Айда тынып калбаймын.
Кокуй, абам, не дейсиң» –
Деп ошентип, Күлчоро
Каарланып күйүнүп,
Астындагы Сураты
Жаадай учуп түйүлүп,
Жайдары тууган байкушум
Ок өтпөс тонду кийинип,
Курчап белин чалганда,
Бек шайланып алганда
Ажылдаган кытай журт
Канчасы турат күйүнүп.
Кылча жанын аябай,
Кыргынга кирет дегенде
Кыз кайнын көрчү эмедей
Бала кызарып күлүп сүйүнүп.
Жоо-жарагын шайланып,
Бала кынсыз кылыч байланып.
Канга тойбос чунагың
Эрдик жакка шайланып,
Канаты бар Буурулдун
Кагышка оозун буруп бер,
Кабылан абам, калдайып
Каны турат дедиртип,
Кан аба, туу түбүнө туруп бер,
Кадыр Алда жол берсе,
Абакем караан болду деп,
Кайгынын баарын бөлөйүн,
Сизди мен караан кылып көрөйүн.
Кара Кытай Чаңдыаяк
Карсылдашып атышып,
Мен бир карсылдашып көрөйүн!
Күрдөлүү жан барында
Күйүп-жанып чок болуп,
Кантип качып өтөмүн.
Калдаңдаган капырдын
Как түбүнө жетемин»,
Деп, ошентип, Күлчоро
Карааның тоодой кан абам,
Буудан оозун буруп бер,
Адырмак тоодой чалкайып,
Арсыландай даңкайып,
Абакем көкжал туруп бер.
Өткөрө кыргын салайын,
Кармашканым Чаңдыаяк
Узунунан салайын.
Өлүп калган ченимде
Кой териси кул элем,
Өлбөй тирүү жүргөндө
Эндейлөөгөн уул элем.
Өзүң менен уялаш
Кайгыргандай кан абам,
Мен качан Манас уулу элем?
Кызмат кылып өзүңө
Суркоён тулпар минейин,
Каканчын эли бүт келсин,
Бээжинге чейин сүрөйүн.
Дагдыр жетсе өлөйүн,
Калың мерген Чаңдыаяк
Муну Бээжинге чейин сүрөйүн.
Канына карап салайын,

www.bizdin.kg



Элине бейпай кылайын».
Деп, ошентип, Күлчоро
Кайратын каалап айткыча,
Аттын оозун тарткыча,
Бээжинден чыгып белсенип,
Келген экен Чаңдыаяк.
Мерген да экен, эр да экен,
Өрттөнгүрдүн өзү экен.
Түмөндөтүп жалаң кол
Түп көтөрө түк койбой
Айдап келген кези экен.
Балбандарын, шерлерин,
Баатырларын, эрлерин
Камдап келген кези экен.
Асман жарык, жер бүркөк
Ач айкырык кур сүрөөн,
Калык кайнап чоң дүрбөөн
Катыла турган түрү бар.
Кабылганды кайсаган
Карасаат капырдын
Караса мынча жини бар.
Түмөндөгөн калкы бар,
Кабылганды кайсаган
Капырындын салты бар.
Адис да экен, эр да экен
Асман жарган чуу болуп,
Кайраттанып какайып,
Каарын төгүп Чаңдыаяк
Келип калган кези экен.
Бут Бээжинге ээленип,
Аңгил-дөңгүл дөөлөрүн
Айдай келген кези экен.
Серпиш десе сүйүнгөн,
Атыш десе жыргаган,
Атышпай карап турбаган
Каары мынча эл экен,
Семетей менен Күлчоро
Эки шерди көргөндө
Мергендерин чакырып,
Кароол кармап, машаа ирмеп,
Кагышчы жообуз келди деп,
Убара болуп издөөчү
Канкорду Кудай берди деп.
Каптап уруш салыңар,
Дүнүйөдөн жоготуп
Тыйпыл кылып салыңар.
Кызыталак бурутту,
Кыжылдаган куу журтту
Кулдукка талап алыңар,
Курчап согуш салыңар,
Кызыталак канкорго,
Кылымды бузган анткорго
Күрсүлдөшүп көргүлө,
Адам, кыйындап белин буунган,
Сазаңшада туулган,
Кез келгенди чуу кылып,
Бээжинде салган чуулган.
Качпай атчу даңгылын,
Камдап кел деп Чаңдыаяк
Жыдымак күлчө даңгылын.
Ар мергени ар башка
Ар бирисин караса
Ааламды бузчу көйкашка,
Кындырдай белин буунган
Атышкан даңгыл өрттөнгүр
Кыргыз түгүл, кутургур
Кылымга салат чуулган.
Бээжинин курчап четтеген,
Бет алган жоону өрттөгөн,
Беттешкен тирүү кетпеген.
Касиеттүү көп улук,
Кай бирөөсүн карасаң,
Кубаты калың, күчү көп
Жөн эле бир жаратылган макулук.
Кара чокмор Жезбилек
Кара маңдай кан ичер
Камбылым кайда жүрөт деп,
Кабылганды жок кылчу

www.bizdin.kg



Даңгылым кайда жүрөт деп,
Мына ошондо Чаңдыаяк
Желиккен экен бакырып,
Жезбилек дөөнү чакырды.
Кармашкан канкор бурутту
Ушу кутурган окшойт куу бурут,
Калкы менен курутчу
Канына карап салгыла.
Калтырбай кырып буруттун
Так эле катынын талап алгыла,
Сексен миң жаны болсо да,
Ааламдын баарын сорсо да
Кабылды бурут өлөт ко.
Казыр бизден кордукту
Киши кылгыс көрөт ко.
Мергендер канын чачкыла,
Мүшкүл көрсө качат ко.
Тегеректеп жанчкыла,
Кулжуңдаган канкордун
Кутурма жини бар окшойт
Умачтай көзүн ачкыла.
Капчал бузар жолу жок,
Карандап айдап урушчу
Колунда түмөн колу жок,
Колго жеке катылган
Бул буруттун ары жок.
Кыйын талоон мүшкүлдү
Көргөнү келген бурут ко,
Кыргын болуп кытайдан
Өлгөнү келген бурут ко,
Өз дүйнөсүн Каканга
Бергени келген бурут ко.
Бар эсебин табыңар
Бурч-бурчунан ок атып,
Аябай мүшкүл салыңар.
Беренин бейпай кылыңар,
Жакындабай канкорго
Жаа мылтык менен уруңар.
Талпактай сабап кериңер,
Жазасын колго бериңер.
Туш-туштан атып жанчыңар,
Кутурган экен куу бурут
Мунун умачтай көзүн ачыңар.
Тизгинин тиктеп кыйыңар.
Капкайдагы жинин тыйыңар,
Ээси жок элге катылып,
Бизге келе элек кезекте
Кутурган окшойт куу бурут
Дөбөсүн чаап түз кылгын,
Тиги төрөсүн союп жок кылгын.
Мунун канына каар салыңар,
Кармачу болсоң канкордун
Так эле канын жутуп алыңар.
Алмамбет уулу Чоронун,
Эки көзүн оюңар,
Какандан көрдүң муну деп,
Кармап алып союңар.
Түркүгүн сууруп алыңар,
Айрылбай кагыш салыңар,
Кайдагы жинин кагыңар,
Кулжуңдаган бурутка
Курчап каптап жетиңер
Жер үстүнөн тебелеп,
Жоксон кылып өтүңөр.
Калганын карап кылыңар,
Калтырбастан кырыңар.
Желиктирип ок атып,
Желигип калган кыргызды
Жер жүзүнөн жоготуп,
Айда мерген капта» – деп,
Айкырыкты салды эле.
Катуу кайрат баштады,
Желигип желдет чуу туруп,
Жердин үстү дуу болуп,
Калтылдаган дүнүйө
Бузулуп кете таштады.
Балбандары, шерлери
Чаңдыаяк буйруп калган соң

www.bizdin.kg



Асманга учту топурак,
Аскер кайнап топурап.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жадүгөй балбан Жезбилек
Айзакери ал болуп,
Алкымдан кол салды эле
Кайсап салчу мергени
Каптап келип бергени.
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр сындуу ок атып,
Жабылып кытай калды эле.
Алмамбет уулу Күлчоро
Кан Манастап үн салып,
Добулбасты бир кагып,
Жолун бузуп жол салып,
Мергендерге кол салып.
Үкүрчүнү жулунтуп,
Кажылдаган капырды
Кызыл канга бөлөнтүп,
Баягы канкор Семетей
Колдогону бир тогуз,
Колдоп алган кез экен.
Жөлөгөнү бир тогуз
Жөлөп калган чак экен,
Кара чаар кабылан
Капталынан чамынып,
Каймана колдоп алыптыр.
Алпкаракуш-зымырык
Бөктөрө каччу эмедей
Асмандан арбайтып бутун салыптыр.
Чолок көкжал арсылан
Жандай салып кайкалап,
Жана колдоп калыптыр.
Кырк чилтен, Кызыр Илиязы
Кырк миң колдой чуу тартып,
Алдынан ураан салыптыр,
Карасаат канкоруң
Жөлөгөнү бир мынча
Жөлөп калган табы экен,
Колдогону бир мынча
Колдоп алган кези экен,
Эр айбатын карасаң
Жортсо жолу болгудай,
Жоросо жанды соргудай.
Ал кулагы калкандай,
Алайып көзү чолпондой.
Мурду кырдач, өңү сур,
Булкуйуңку канкордун
Кабагы бийик, заары күч,
Кабылганды кылат түз.
Урушка жолборс, арысландай
Беттешкен менде жөн эле
Өлдүм деп жандан күдөр үз,
Манастын уулу баатырдын,
Заары күчтүү капырдын,
Боруму бөлөк канкордун,
Журт бүлдүргөн анткордун
Түнөп өткөн жерине
Түптүү мазар орногон,
Түбүнөн Кудай колдогон,
Мунун баш атасы Манас кан,
Бул укумунан тукуму
Башынан Кыдыр даарыган.
Кагыш кылган жерине
Калалуу Манас орногон,
Кастарын тиккен оңбогон.
Карасаң мындай Семетей
Кагышкан эки болбогон,
Кол ичинде Семетей
Чаңдыаяк кол салганда,
Кытай тегеректеп алганда
Кудай бетин көргөзбө.
Чыркырап ок чуулады.
Ок сокмогу эң катуу,
Ботом, чыңырып Буурул турганы.
Калкандын баары түрсүлдөп,
Аколпоктун этеги
Шамал болгон эмедей

www.bizdin.kg



Ок көтөрүп булкулдөп.
Туулгалар сүзүлүп,
Бүчүлүктөр үзүлүп,
Аколпок тор чаң болуп,
Семетей турду дал болуп.
Алмамбет уулу Күлчоро
Берен төрө жанында
Каралдысы ал болуп,
Аянган жок Чаңдыаяк
Келген экен камынып,
Кутургурду карасаң
Куу жолборстой чамынып,
Кең Зулпукор кылычты
Бүлөп турду Чаңдыаяк,
Очогорду тарткын деп,
Оң-тетири аткын деп,
Сүрөп турду Чаңдыаяк.
Күлүстөн тууган Күлчоро
Ата, берен Алмаң көкжалдан
Белекке калган куу жолтой,
Ата, ини болуп төрөгө
Белекке калган куу жолтой.
Теги мыктуу Күлчоро
Телегейи тең экен,
Атасынан бу көкжал
Айза салым эр экен,
Минген аты сур экен,
Алеке айткан аманат
Калп айтпасам, чын экен.
Күлчоро жайы ушундай –
Жайнаган кызыл чок болгон,
Мунун качырган жоосу токтогон.
Кабылганды кайсаган,
Камбыл Чоро эмеспи.
Кезиккенди кемирген,
Жайнаган жоого четтеген,
Чорого кимдер беттеген,
Берен тууган жолтойдон
Бет алган аман кетпеген.
Бул өңдөнүп күлдүргөн
Согушка салган чоң дүрбөн.
Алдында минген Сур күлүк,
Эми Күлчоро салган чоң бүлүк.
Жоону көрсө сүйүнүп,
Жолборстук жайы биригип.
Мына ошондой Күлчоро
Буттай темир курчанып,
Көк жолборстой чамынып,
Көпкөк темир кийинип,
Көкжалдык түрү билинип,
Мергендерден көп улук
Беттешип колду салды эле.
Сур атты санга бир салып,
Султан аба жүрү деп,
Чаңдыаяктын колуна,
Бел байлаган белине,
Бет алышкан жерине,
Чаңдыаяк капырдын
Курчап жаткан элине.
Айза имерип, топ бузуп,
Алыш кылды Күлчоро,
Оң-тетири дыркырап,
Чабыш кылды Күлчоро.
Кармаштан нечен кан өлүп,
Катуу жаңжал болду эле.
Чебин бузуп, жол салып,
Ата ченебеген Күлчороң
Көп кытайга кол салып,
Айза шилтеп, балта уруп,
Айгайлашып отуруп,
Маңдайлашып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Мыктанышып урушуп.
Канча калдай кан өлүп,
Албан түрлүү жан өлүп,
Өлгөнүн Калча көрбөстөн,
Өнөгүн жанга бербестен,
Адам, өкүрүп турат Чаңдыаяк,

www.bizdin.kg



Мына ошондо Күлчоро
Балта шилтеп, жаа тартып,
Шака-шука шарт шилтеп,
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдата бат шилтеп,
Бет алышып турду эле.
Бел бөлүнүп кенебейт,
Берен экен Күлчоро,
Бет алышкан манжууну
Бучкагына теңебейт.
Күлчоро беттеп урушуп,
Кыргынды кызык салды эле,
Тагдыр жетсе өлөм деп,
Өлүшүп жүргөн иниме
Караан болуп берем деп,
Алтын түркүк чатырың
Арбуурул менен алкынтып,
Атышка кошо кирди эле,
Эр Семетей баатырың.
Орто жерин Семетей
Оюп келип берди эле.
Тегерегин Күлчоро
Шамдагай тууган шер чоро –
Шакылдатып эр чоро
Оюп келип берди эле.
Айза сунса чаң кетип,
Муштаганда кан кетип,
Шилтөөдөн мурун жан кетип.
Берениң мергендерден ал кетип,
Бет алып кирип урушка
Эрдик шерин көргөндө
Чаңдыаяк көрүп күйүнүп,
Баатырлары, алптары
Өлдүк деп жандан түңүлүп,
Кайрат кылып жабылып,
Кайнап жаткан көп улук
Каптап кытай жатканы,
Кажылдаган капырдын
Кайсы бирин айталы,
Ак ала желек туу болуп,
Албан түрдүү чыр болуп.
Айдап алган кези экен,
Ар кайсысын Семетей
Жайлап жүргөн кези экен,
Эл ичинен Чаңдыаяк
Көк качыр менен бөлүнүп,
Көкжалдыгы көрүнүп,
Кайрылып мерген кетпеди.
Адыр-күдүр белестен
Мергендиги белгилүү
Озуп калган кези экен.
Эр көкжалды Чаңдыаяк
Тозуп калган кези экен.
Каарданып какайып,
Кагышчу жагын жайлады,
Мына ошондо Чаңдыаяк
Бузуп турган жайчы экен,
Кутургурдун өзү экен,
Куп жайчынын бири экен,
Жердин жүзүн көргөзбөй
Сасык туман салды эле,
Очогор оозун оройтуп,
Болжолу жок төрөнү
Болот окко алды эле.
Караса көзгө илинбей,
Кара баскан Чаңдыаяк
Кайда экени билинбей,
Кырдан кыйкырып шамал кырданып,
Асмандан кумсарып булут сурданып,
Жерди туман алганы.
Күндүз күнү түн болуп,
Кудай уруп салганы.
Асмандан булут көчтү закымдап,
Жерге карарып булут жакындап,
Чөп силкинип кыбырап,
Асмандан алты сай мөндүр
шыбыргак.
Карагай сынып жерге учуп,

www.bizdin.kg



Мөңгүнүн баары тутулуп,
Бөтөнчө жайлап жиберсе
Бөксөнүн баары бузулуп.
Кайың менен кырчын тал
Түп-түбүнөн кыйрап бүгүлүп,
Адам турмак жанынан
Айбанаттар түңүлүп.
Агып кеткен көчкү суу
Капчал зоону уратып,
Үйдөй-үйдөй таштарды
Сай-сайларга кулатып
Үйөр каптап жыйылып,
Жан-жаныбар макулук
Кыймылдабай тыйылып.
Кыйын жайлап Чаңдыаяк
Кыйын мүшкүл салды эле,
Зыйкырчы экен Чаңдыаяк
Мергенди Кудай урду эле,
Дал он беш күн кутургур
Күндү жайлап турду эле,
Канча жандар жөн өлүп,
Кабылган жандын баары өлүп,
Катуу кыргын болду эле.
Эр Семетей баатырга
Акыр заман салыптыр.
Аябаган чоң мүшкүл
Сала турган болуптур,
Аябай кыстап төрөндү
Ала турган болуптур.
Кайран мерген Чаңдыаяк
Камбылдыгы көрүнгөн,
Каныкей кылган Аколпок
Тигишинен бөлүнгөн,
Ок өтпөгөн Аколпок,
Кээ бир жери карандын
Үкүсү чыгып тытылган,
Кээ бир жери карандын
Калбыр болуп сүзүлгөн,
Кээ бир жери карандын
Аркактары үзүлгөн.
Көрүп көкжал күйүнүп,
Кайран жандан түңүлүп.
Атаман калган Аколпок –
Атышка кирсе кебелбес.
Алып кеткен экен деп,
Аманат жандан түңүлүп.
Астындагы Буурул ат
Ок көтөрүп басалбай,
Оолжуган жаныбар
Күчөп уруш кылууга
Күпсөрдү көрдү Семетей.
Күпсөрдө дары күбүлгөн,
Бир атым калбай калган соң
Семетей көбүрөөк жандан түңүлгөн.
Окчонтойду караса,
Окчонтойдон ок кеткен,
Оңбой калган экемин.
Кезигерге кезикпей,
Кезикпеске кезигип,
Болбой калган экемин.
Ата, куйкаланган Чаңдыаяк
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Зыйкырчынын өзү экен,
Жайчылыгы жарыя
Жадаал тууган кул экен,
Ай-ааламды буй кылган
Кутургурдун өзү экен.
Ата, жазайыл иш мүшкүлдү
Көрүп алар бекемин?
Адам, тажаал окшойт Чаңдыаяк,
Каруусу мол капырдан.
Бу Чаңдыаяк баатырдан
Өлүп алар бекемин?
Бу Чаңдыаяк чочко оңбоду,
Кетүүчү жолду торгоду.
Бу кутурган капырдан
Капырай, кутулаар айла болбоду.

www.bizdin.kg



Тегеректин баарысын
Темирдей курчап толгоду.
Бет алышып урушуп,
Ит менен теңдешер чагым болбоду,
Бет алышып сайышса,
Амал кылбай алышса,
Бузар белем калаасын,
Кетирет элем чарасын.
Кыйкырып айза сунушса,
Амалын таштап бу чочко
Маңдайлашып урушса,
Кетирет элем чамасын.
Айдап кирип талкалап,
Албайт белем атамча
Аркы Какан калаасын.
Бая олоңдогон көкжалың
Буурул оозун тартыптыр,
Булутту көккө атыптыр.
Ок-дарыдан айрылып,
Азапты айкөлүң төрөң тартыптыр,
Калдайды буруп кол курап,
Каңырыгы бек түтөп,
Кайран шер карап турду коңгурап.
Жер көрүнбөй бүркөлүп,
Жетик шердин башына
Жетимиш санаа бир келип.
Ай карарып бүркөлдү,
Түн эмине болот деп,
Атарга огум түгөнүп,
Алышканым көп кытай
Күн эмине болот деп.
Же селбип минер буудан жок,
Же жанымда чоро тууган жок.
Чамаа чарчап, ал кетип,
Ок түгөнүп турганда
Караан кылып турганга
Же Күлчоро кыраан мында жок.
Канчоро, Бакай эрим жок,
Же кайран кыргыз элим жок.
Бу Чаңдыаяк капырга
Чапчыша турган чамаа жок,
Же качып кирер токой жок.
Же кара кылар кыргыз жок,
Же бел байлаган белим жок,
Же менин бекине турган жерим жок,
Адам, кытай илек, мен жалгыз
Эмесе ушундай белең дүйнө бок!
Адам Буурул оозун бургуча,
Муңканып көкжал Семетей
Оюн айтып турганча,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Мына ошондо Күлчоро
Айзага камбыл мыктуу кул,
Алышканга шыктуу кул
Тилегенин жараткан
Берип калган кез экен.
Каалаганы Күлчоро –
Телегейи тең Чоро,
Теңселбеген эр Чоро
Жайнаган кызыл чок экен,
Көкжалдыгы мамындай
Көрсөң баатыр ушундай.
Көкжал тууган Күлчоро
Көз көргөндө жок экен,
Ай-ааламды буй кылган
Өзү адамдан чыккан шок экен.
Кулак угуп, көз көргөн
Жаралганда жок экен,
Алдындагы Сур атын
Ээлендирип жулкунтуп,
Адам, Күлчоро жетип келиптир.
Абасынын алдына
Эри өлгөндөй булкунтуп,
Астындагы Сур аты
Урушка минер жаныбар
Учкан куш менен жарышып,
Казы алуучу боор эт

www.bizdin.kg



Калган экен кымпыйып
Касасына жабышып.
Ай, жаныбар чоң Сур ат
Ошо кезде жаныбар
Семиргени сүмбөдөй,
Серпишке минчү карандын
Секиргени бүргөдөй.
Тотудай куйрук чубаган,
Текедей көзүн кызарткан,
Казатка минер жаныбар
Аркардай арыш узарткан.
Бириндек суюк жалы бар,
Олжодон түшкөн союлгур
Ошондой сонун жалы бар.
Бадана кийип балкылдап,
Касаба колдо калкылдап,
Кайгыланбай Күлүстөн
Абасынын алдына
Күлүп келди жаркылдап.
Казыр жоосун куугансып,
Кашкаңдап күлөт кутургур
Катыны эркек туугансып,
Атасы жаңы тирилип,
Алмамбет келип тургансып.
Ыраазы болуп абасы,
Күлчоронун өзүнө
Насыят айтты карачы:
«Айланайын Күлчором,
Душмандын жолун торгогун.
Кырышкан душман оңбогон,
Балам, кылымда сендей болбогон.
Айзага таккан желегим,
Таалайлуу жалгыз башыма
Табылбай турган керегим.
Эстесем жанга келерим,
Эгем берген беремим.
Душманга кыргын саларым,
Кызыл өрттөн абасын
Ажыратып аларым,
Айланам сендей иниме,
Айтканы чеки болбогон.
Алышка кирсе сан колдой,
Душмандын жолун торгогон.
Айлансам болот тууганым,
Ардеме десем барыштан,
Качан болсо Күлчором
Жеке чыккан жарыштан.
Айткан сөзү эки эмес,
Мунун айткан сөзү чеки эмес.
Астыма түшкөн ак жолум,
Айдап жүргөн сан колум.
Жерди булут курчап ороду,
Жолумду Чаңдыаяк чочко тороду.
Бир атканга дарым жок,
Менин күпсөрдөн огум короду.
Мен ээр белдей кайкыча
Болжоп жолум атсам дейм,
Эй, болжолу жок Күлчором,
Элиң кыргызга аман тартсаң дейм.
Сен кууштун жолун чалсаң бейм,
Кууураган кыргыз аз журтка
Күлчоро баана болуп калсаң бейм».
Деп, ошондой деген соң,
Безге сайган эмедей
Ыргып кетти Күлчоро
Ата, Шай колдогон эр Чоро,
Шайдаңдаган шер Чоро.
Ата, кагылайын кан аба,
Караанымсенден ажырап,
Кай муразга жетемин?
Караан кылган кан абам
Сени кантип таштап кетемин?
Сени таштап жан абам,
Кай муразга жетемин
Абамдын көзү барында,
Алдыңызга Күлүстөн
Мен курман болуп кетемин.
Быйыл кыйынсынган кытайдын

www.bizdin.kg



Кымбатым абам, угуп тур
Түбүнө чогуу жетемин.
Мен кериктен кызык көп уктум,
Келген мерген Чаңдыаяк
Көңүлүн жаман оорутуп,
Итиң көк качырын жоорутуп
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Сен кууштун жолун чалсаң бейм,
Куураган кыргыз аз журтка
Күлчоро баана болуп калсаң бейм».
Деп, ошондой деген соң,
Безге сайган эмедей
Ыргып кетти Күлчоро,
Ата, Шай колдогон эр Чоро,
Шайдаңдаган шер Чоро.
Ата, кагылайын кан аба,
Карааным сенден ажырап,
Кай мураазга жетемин?
Караан кылган кан абам
Сени кантип таштап кетемин?
Сени таштап жан абам,
Кай муразга жетемин?
Абамдын көзү барында,
Алдыңызга Күлүстөн
Мен курман болуп кетемин.
Быйыл кыйынсынган кытайдын
Кымбатым абам, угуп тур
Түбүнө чогуу жетемин.
Мен кериктен кызык көп уктум,
Келген мерген Чаңдыаяк
Көңүлүн жаман оорутуп,
Итиң көк качырын жоорутуп
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Бу кеңешке кетти деп уктум.
Андан көрө кан аба,
Чыканактап уйкуңду ал,
Чырым этип тынчыңды ал.
Күн бузуучу жадыгөй
Чаңдыаяк жинин кагайын,
Кутургурдун өзүнө
Бир балакет салайын,
Адырды бойлоп жүрүп ал,
Асыл тууган Чороңду
Алты күндө күйүп ал.
Алты күндө келбесем,
Ак дидаарың көрбөсөм,
Кайкы кырды ашып кет.
Кайран чором өлдү деп,
Абаке, кыргызды көздөй качып кет.
Жолуңдан түмөн жоо чыкса,
Айза сунуп сүзүп кет,
Берен Чором өлдү деп,
Абаке, күдөрүң менден үзүп кет.
Сары кан, Бакай каныма айт,
Салыштан Чором өлдү деп,
Көрүнгөн жандын баарына айт».
Деп, ошентип, Күлчоро
Менин керишкеним Чаңдыаяк
Баатыр да экен, бел да экен,
Мергендиги белгилүү
Бээжинден чыккан шер да экен,
Үч күнү алдоо салармын
Кулжуңдаган чочкону
Куп чылбырдан алармын.
Арыслан абам, жан биргем
Аттын оозун буруңуз,
Как алдыңкы жайга туруңуз.
Абаке, тирүү жүргөндө
Не муразга жетебиз,
Арыслан шер сенин алдыңа
Курман болуп кетербиз.
Берендигим карматып,
Белеске чыгып озоюн,
Бейли курган Чаңдыаяк
Так беш күн жолун тозоюн.
Абам,эл ынабай мунуңа

www.bizdin.kg



Кейий бербе төрө абам,
Бир үйдө туума кулуңа.
Журт ишенбейт мунуңа,
Кайгырба мендей кулуңа.
Казам жетсе өлөрмүн,
Өлбөй тирүү бар болсом,
Кызыталак Чаңдыаяк
Кызык кылып берермин,
Күнүм бүтсөм өлөрмүн,
Күн бүтпөсөм абакем,
Ошо күчтүүсүнгөн кул менен
Күрөш кылып көрөрмүн!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Жети күн мени күйгүн деп,
Чү деп жолго салды эле,
Чын оркойгон кара кыр,
Ашып жетип барды эле.
Ашып барган жеринде,
Тоо жоголгон урчукта,
Томурайган тумшукта,
Көк кыраңдын бетинде,
Эчки-Өлбөстүн эки чат –
Эки чаттын оюнда,
Ат-Жайлак тоонун коосунда
Көгөрүп мунар бөлүнөт.
Шыпшайдар уулу Жезбилек –
Жезбилек эмес чоң дүмөк,
Кароолдо турган көрүнөт,
Камбыл чоро көрдү эле,
Көргөн жерде жөн эле
Көңүлдү миңдей көрдү эле.
Жер жарылган коо менен,
Жетим кабак суу менен
Кыны жок кылыч салынып,
Жезбилекке камынып:
«Же Кудурет бар болсоң,
Бээжиндин бекем дүмөгүн
Бере көргүн колума,
Шыпшайдардын Жезбилегин.
Кайраты мол капырын
Кароолдо турган баатырын,
Бир беттешип көрсөм деп,
Чамаа келсе мунусун
Сазайын колго берсем деп.
Чамаа жетип, күч келбей
Чарк жетпесем бул кулга
Чапчышып жатып өтсөм деп.
Ушу чарк токтогон эр менен
Чалкылдашып көрсөм деп.
Кымызга көөрчөк куйгандай
Чайкалыша кетсем деп,
Айкырып айза сунушуп,
Жан аябай урушуп,
Айкалыша кетсем» – деп,
Деп, ошентип, Күлчоро
Кароолдогу Жезбилек
Угар кулак, көрөр көз
Урушка шайтан эң мыктуу
Жети күнгө Жезбилек
Жекеге кароол туруптур.
Жети күндө Жезбилек
Алп уйкуну кылуучу,
Чылгый ичин өрт чалган
Чын балакет мунусу.
Күн кылкылдап кызарып,
Баткан жерди көрүчү.
Кол козголбой былкылдап,
Жаткан жерди көрүчү.
Тутанып өлгөн кутургур
Туш-тушка кабар берүүчү.
Калың мүшкүл жоо чыкса
Чаңдыаяктын канаты,
Качан болсо Жезбилек
Кароолго турган адаты.
Кароолдогу Жезбилек –
Жезбилек эмес чоң дүмөк.
Карасаат капырды
Туура кирсе кутургур

www.bizdin.kg



Туш-тушка кабар берүүчү,
Жезбилек кабар бергенде
Жер дүңгүрөп сел көчүп,
Желигип балбан келүүчү,
Катылгандын жазайын
Кытай журт минтип берүүчү.
Кароолдо турду Жезбилек,
Көзү көпкөк темирдей,
Мурду тоонун сеңирдей.
Сакалдары сапсайып,
Сарапты тешип өткүдөй.
Ээрдинин калыңы
Жер чукуган кетмендей.
Көз чылпагы муштумдай,
Көрсөң түрү ушундай.
Аркасында айдар чач
Айгыр аттын жалындай,
Жезбилек жайы ушундай.
Шамдагайы болжолсуз,
Шапылдаган шер чоро
Атасы көкжал эр Чоро.
Телегейи тең Чоро,
Теги кыраан Күлчоро.
Жоонун айласын билген эр экен,
Ичсе канга тойбогон
Кара тилдүү шер экен.
Оң далысы кең экен,
Оолукмасы кармаса
Ойротту бузар шер экен.
Айзакерден Чоронун
Ыктуулугу чын экен,
Айласы тегиз эң мыктуу,
Мыктуулугу чын экен.
Жетим кабак суу менен
Жер өлчөөсүн билгендей,
Бугу атчудай тоорулуп,
Бу кабакка салыптыр.
Кутургурга көрүнбөй,
Камбыл тууган Күлчороң
Капталдан бугуп калыптыр.
Абайлатпай сакчыга
Так жарты бута барыптыр.
Жарым бута калганда
Жакылдады Күлчоро,
Эр Жезбилек балбанга
Астындагы Суркоен,
Кулду Кудай берсе деп,
Эрте сөзү кеч болуп,
Жанын таштап союуга,
Айзалашып калууга
Эки көзү төрт болуп,
Баабединге бат айтып,
Атасынын өзүнө
Ай туякты ат айтып,
Жазайылды салынып,
Жакындап айза уруугa,
Капталынан чыгууга,
Камындырбый калдайды
Каптай сайып жыгууга
Калган экен Күлчоро.
Басканына мал жетпей
Жолду Суркоён тулпар баштаптыр.
Чымырканып Күлчоро
Чымындай жанды таштаптыр.
Булуттай учкан Сур атка
Сыр айза кармап бурду эле,
Булуттай учкан Сур атка
Булчуңга камчы урду эле,
Буудан экен чоң Сур ат
Кең кайкыны ашкыча
Баскан ташы быркырап,
Жалаңдаган Сур аты
Жаадай учуп дыркырап.
Жезбилекке жетти эле,
Жеткен жерде балбанды
Уңгусу болот, учу курч
Ушундай дүмөк сыр айза
Токсон болот улаткан,

www.bizdin.kg



Тийген жерин бураткан.
Түздөп кармап түрткөндө
Түгөнгүрдүн айзасы
Тоону сайса кулаткан.
Тийген жери кабылдап,
Тим калбай өлө берсин деп,
Адамдын көз жашы менен
сугарткан.
Муштаса кыба кандырган,
Кыр-кырына карандын
Албарс уудан салдырган.
Жете электе кызарган,
Шилтегенде бу каран
Кырк айзадай узарган.
Сайса сая кетпеген,
Сайдырган аман өтпөгөн,
Тутамын туура кылдырган,
Туштап жоого сундурган.
Учу жетсе чаң кеткен,
Тиелекте кан кеткен.
Тим сайганда карандан
Болт деп ыргып жан кеткен.
Жетелекте чыңырып,
Адам ичи сыздаган.
Жетип сайса жөн эле
Коктудай эти оюлуп,
Кез болгон душман союлган,
Ушундай экен айласы,
Өрттөнгүрдүн айзасы.
Болот огун чачкыча
Боз керикке камчы уруп,
А Жезбилек качкыча,
Капталга салып желгиче,
Калкына кабар бергиче,
Булуттай учуп буркурап,
Буудан экен Сур аты
Жеткен экен дыркырап.
Жандап Сур ат өтөрдө
Жаа алла, Манас ата, деп
Күлчоро айза көтөрдү.
Калмак ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Өлчөлүү жери ушу деп,
Өпкөнүн өз тушу деп,
Жүрөк менен колконун
Жарып өтөр тушу деп,
Күлчоро айза салды эле.
Күчтүүсүнгөн Жезбилек
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден көт кылтайып,
Калмагынча калдырап.
Камбыл экен Күлчоро
Катуу айза жетиптир,
Каккан жерде балбандын
Жүрөгүнүн толтосун
Үзүп-үзүп өтүптүр.
Астынан айза короюп,
Так кулачча чыгып кетиптир.
Ооп Жезбилек жыгылды,
Кыраан Чоро турабы
Кыйшайып балбан кулады.
Абайлабай Жезбилек
Күлчородон сулады.
Колундагы жойкума
Кындан сууруп калды эми,
Кылыч менен балбанды
Моюн түпкө салды эми.
Жезбилек минтип сулады,
Саат баскан балбандын
Сайдай башы кулады.
Эптүү тууган Күлчоро
Эр эсебин тапты эле,
Астындагы керикти
Он эки бөлө чапты эле.
Амыз кылбай Күлчоро
Жезбилек башын союптур.
Топусунун үстүнөн,
Туулганын астынан

www.bizdin.kg



Төбөгө баса кийди эле.
Күрмөчөсүн күлдүйтүп,
Күлүп чоро кийди эле,
Отоготун оройтуп,
Омуроого чалды эле.
Шуру отогот, маржан таш
Төбөсүнө сайды эле.
Тоту куштун куйругун
Токсон бөлүп асемдеп,
Төбөгө кийип алды эле.
Кызыл кыргак кең чалбар,
Алтымыш теке терисин
Асемдетип жасаган
Албан түрдүү кең чалбар,
Аны чороң кийди эле.
Калмактардай соору өтүк
Бая манжуу кийчү чоң өтүк
Таманына карасаң
Он эки сөөм сере экен.
Баатыр экен Жезбилек,
Мунун балбандыгы эп экен,
Адам, жеңдирип салды ушуну
Муну кандай мендем дээр экен.
Кызыл чалбар, кең белбоо
Кытайча түймө чоң белдик
Баатыр тууган Күлчороң
Кынай белге чалды эле.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсү болуп алды эми.
Таш сайынган манжуунун
Тазасы болуп калды эле.
Адам, чоң өтүк бутта чойкоёт
Мунун азыгы кытай кайран эр
Адам, короздой мойну койкоёт.
Кургурдун көз айнеги балкылдап,
Көөкөр ийин шуру таш
Төбөсүндө жаркылдап.
Темингиси телпилдеп,
Кол токмоктой кара чач
Кулдун аркасында селкилдеп.
Адам, түп атасы – Чылаба,
Бу түгөнгүр жайын сураба
Улуктун киймин кийгенде
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көрсөң түрү ушундай –
Коңурбай канча көрүнүп,
Кытай киймин кийинип,
Кыргыздык түрдү таштады,
Кызык чоро кыраанын
Бу кыйын эрдик баштады.
Баданасын таңуулап,
Астындагы Суркоён
Муну жабуу менен жабуулап,
Кымбат экен Күлчоро
Чиймек болду сызыкты,
Адам, кылмак болду кызыкты,
Ай-ааламга кыраанын
Салмак болду бузукту.
Бөрү баспас жол менен,
Аркак-терсек бел менен,
Адам баскыс жер менен
Шайдандаган кыраанын
Чымырканып карабай,
Чымындай жанын аябай.
Тегерете карабай,
Тегеле жанын аябай.
Өөдө-төмөн болжобой,
Өлөмүн деп ойлобой.
Кытай киймин кийинип,
Эми кылам бирди деп,
Кытылдап күлүп сүйүнүп,
Бара жатат кенебей,
Өлүм, ажал, азапты
Бучкагына теңебей.
Эрдик менен шердикти
Ээн калган Чорого
Берген экен ченебей.
Кабагым, кашым дебестен

www.bizdin.kg



Ажалдан кайгы жебестен,
Элкин ээн жол менен,
Элик ашпас бел менен
Котур булак, чым булак
Ат жайлаган тер менен
Ашып түшүп шер Чоро
Асты жаккы тайпаңга
Баатыр Чоро ээликти.
Каптал жаккы карагай
Карагайдан шек уруп,
Өлүмдөн капа санабай
Белге чыгып келди эле.
Белге чыгып келгенде
Берендин жайын айтайын
Бейлин буруп белсенип,
Берен экен кысталак
Жөн эле бери ургандай теңселип,
Жай-жарагын жайланып,
Ата, жалаңдаган кайран эр
Жанына жалаң кылыч байланып,
Каны тартып ичине,
Дегеле кадык кылбай кишиден,
Карагайдай сыр найза,
Каркыра байлап көтөрүп,
Келмек болду кыраанын
Кан Чаңдыаяк бет алып,
Кайып жүрбөс талаага
Жалаңдаган эр Чоро
Жана кирип келди эле.
Келип жетип Күлчоро
Керүүчөнү чалганы.
Ара жерден арбайып,
Чалгынга чыккан Чаңдыаяк
Барбаңдаган кутургур
Адам маңдайдан чыга калганы.
Чаңдыаякты көргөндө
Кыраан тууган Күлчоро
Алмадай мойну узарып,
Арысландай көзү кызарып,
Кыбыландай көз жайнап,
Кадоо сындуу кашка тиш
Карс кемирип бек чайнап.
Эрте сөзү кеч болуп,
Чаңдыякка жетүүгө
Кыялын тапса бу кулду
Кызык кылып кетүүгө
Айласын тапса арамды
Тирүү кармап алганы
Абасы көкжал баатырга
Тартуу кылып барганы
Айласы келсе кыргыздын
Кул деген атын жоготуп,
Курама жайын оңотуп,
Кандыгын сурап алууга,
Чаңдыаяк тийсе колуна
Абасы көкжал баатырга
Тартуу кылып барууга,
Кызык кылып а кулга
Кап-кайда кегин алууга
Мына кашатты бала чалды эле,
Боз качыр менен кампайып
Жолдон Чаңдыаяк чыгып калды эле.
Чаңдыаяк баатырдын
Телегейи тең эле,
Бу менден туулбайт деги эле
Жадыгөйлүгү, шерлиги,
Жана билгич эрлиги,
Жаа тартууга ыктуусу,
Мылтык атар мыктуусу
Коңурбайдан эр эле,
Чаңдыаяк өңдүү баатыр алып
Жаратып бербейт деги эле,
Адырлууну чалгамын,
Кашаттан кампайып чыгып кысталак
Астынан Чаңдыаяк чыгып калганы.
Улуктугун, шердигин
Көрүп турду Чаңдыаяк,
Көп көңүлүн бөлөккө

www.bizdin.kg



Бөлүп турду Чаңдыаяк.
Мунун шамдагайы болжолсуз,
Көрүп турду Чаңдыаяк,
Ошондо Чаңдыаяк муну айтат:
«О, ботом, дидаарың суук жаш бала
Кытайсыңбы, элсиңби?
О, ботом, кытай киймин кийинип,
Кыргаңы жүргөн сенсиңби?
О, ботом, кангүлөрдүн шаарындай
Кампайыңкы сен кимсиң?
Арсыландай чамынган
Даңкайыңкы сен кимсиң?
Ач Арыслан жолборстой,
Алышкан аман болбостой,
Кайсаганды качырган
Комокойлуу сыр айза
Учтаган жерге батырган,
Ыкыс коюп жакындап,
Алганы турган сен кимсиң?
Ботом, ырас кытай кыргынга
Салганы турган сен кимсиң?
Ыкыс берип ааламды,
Алганы турган сен кимсиң
Туугансыңбы, элсиңби
Кабылганды кайсаган
Карасаат сенсиңби?
Жосунуң бөлөк, заарың күч,
Жологонду кылган түз
Жолуң болгон сен кимсиң?
О, ботом, урунарга тоо таппай,
Урушканга жоо таппай,
Кыйып белин байлаган
Кыжырланып бачагар
Душманга тишин кайраган
Тутанып өлгүр сен кимсиң?
Жезбилекче ат минген,
Кытайлардай тон кийген
Кылтылдаган сен кимсиң?
Кызыл чаар арыслaндай
Былкылдаган сен кимсиң?
Узун бойлуу, кең далы,
Урушка шайдоот эң мыкты,
Күйүп жаткан өрт болсо,
Күркүрөп аккан сел болсо
Жүргөнү турган сен кимсиң?
Илек-илек кол чыкса
Айза имерип айкырып,
Тийгени турган сен кимсиң?
Ботом, астыңдан удуң чыкканды
Сүргөнү турган сен кимсиң?
Жаадай жароо ат минген
Жалаңдаган сен кимсиң?»
Деп, ошондой деди эле.
Барыдан тапан шер чороң –
Жумуру баштуу мендеден
Жаратылган эр Чороң
Кабыландай камынып,
Кайран чороң оозуна
Ботом, кайыптан акыл табылып.
Анда Чоро муну айтат:
Жезбилекче күүлөнүп,
Кытай тил менен сүйлөнүп,
Өрттөнгөн Чоро муну айтат:
«Ай, Чаңдыаяк, эр акем,
Кабылганды кайсаган
Камбылдыгың бар экен,
Каалап чыктым Дыңшадан,
Калыктын чынар багынан
Сазаңшаңдын шаарынан,
Мен белсене чыктым урушка
Жарым кандын тагынан.
Сазаңшаңды сураган
Канкуба кандын алдынан.
Сазаңшаңдын шаарына
Алты күлүк ат барып,
Алдырбай жатат бурут деп,
Алакандай кат барып,
Эрикпей жүрүп оорулуп,

www.bizdin.kg



Алыша турган жоо кайда,
Чаңдыаяк мен алыстан келдим
тоорулуп.
Бу кызыталак бурутту
Эмдигиче Чаңдыаяк
Кырбайт деген эмине?
Бу киши кылбас дүмөктү
Кылбайт деген эмине?
Баатырларын барбайтып,
Албайт деген эмине?
Балакетти бурутка
Салбайт деген эмине
Бир эсебин кедейдин
Таппайт деген эмине?
Бу кап-кайда жинин буруттун
Какпайт деген эмине?
Бу бурулганда не пайда,
Бурут кайда, жоо кайда?
Бу кайрылганда не пайда,
Карсылдашар эр кайда?
Бу баатыр болсо, шер болсо
Башкача бурут эр болсо,
Этек күйөр чак кайда,
Эл чогулган топ кайда?
Тушардан чыккан ок кайда?
Жалтаныштa не пайда
Сазаңшандан келди деп,
Бизге көзүң салыңыз
Кызыталак канкордун
Жообун айта салыңыз».
Кыйып-кыйып сөз айтып,
Жандап турат Күлчоро.
Кытай болуп балдырап,
Кызыталак балбанды
Алдап турат Күлчоро.
Тилеги каткан капырдын
Тизгини колго тийсе деп,
Жадаалдыкты карматып,
Жанын койбой токмоктоп,
Жан абамдын колуна
Тирүү кармап жүрсөм деп,
Чымырканган чочконун
Чылбырынан алсам деп.
Чыркыратып токмоктоп,
Чын балакет салсам деп.
Барган сайын жакындап,
Көрүп турат Күлчоро.
Чалкылдаша кетсем деп,
Өлүп турат Күлчоро.
Амалы күчтүү капырга,
Ал Чаңдыаяк капырга
Амал менен алсам деп,
Азапты анан салсам деп,
Өлүп турат Күлчоро.
Каруусу толук капырың,
Ал Чаңдыаяк баатырың
Анда туруп Чорого
Жакындабай муну айтат:
«О, ботом, мен Чаңдыаяк болгону,
Чаңдыаяк атка конгону –
Ат арытып, жер чалып,
Атбороюн сыдыртып,
Ай-ааламдын баарысын
Ботом, жүрдүм эле кыдырып.
Кырк уруунун шаарында
Көрбөй турган шаарым жок,
Кырк кандын эли кытайда
Балам, көрбөй турган элим жок,
Кабылганды кайсаган
Кыраанымсендей керим жок.
Душмансыңбы, элсиңби
Тутанып өлгүр сенсиңби?
Жакындаба жөнү жок,
О, ботом, жолобой тур өзүмө
Жоо көрүндүң көзүмө.
Айзаңдын арты бир кучак
Жыгачтын мүлкүн илипсиң,
Атыңдын мойну бир кучак

www.bizdin.kg



Балам, айбандан түркүн минипсиң,
Адамга азыр жетчүдөй,
Аңтара сайып өтчүдөй
Даярланып жүрүпсүң.
Кытайда сендей жаңжал жок,
Кылымда сендей балбан жок,
Балбандыгың башкача,
Сенин баатырлыгың бир канча.
Бастырып жоого тийүүгө
Даярланып алыпсың,
О, ботом, кайдан келдиң көйкашка?
Комокойлуу сыр айза
Колоктоп жанда көрүнөт.
Койбочудай түрүң бар,
О, ботом, ушу жерден көөнүм бөлүнөт,
Сенин комдонгонуң жолборстой,
Козголгон аман болбостой,
Уңгусу чокмор айбалта
Билегиңе чалыпсың,
Урушчудай камданып,
Балам, удураңдап алыпсың.
Азыр шилтеп ийчүдөй,
Азыр жоого тийчүдөй,
Кыны жок кылычты
Билегиңе чалыпсың,
Кылымга кыргын салчудай,
Кысырканып калыпсың,
Беделиң көрсөм белсенип,
Бери ургандай теңселип,
Балам, беленденип алыпсың.
Урушсаң бери чыккын деп,
Сыягың турат бачагар,
Сен удураңдап калыпсың.
Адам, билегиң толук, таш жүрөк
Кайдан чыгып келгенсиң?
Азыр чының айта кой,
Ээ,бил мүчөлүү бадирек
Кайран бурут элинен
Желдиби деп турамын.
Кандын канын өлтүрүп,
Кап-Тоодон бери тоорулуп,
Келдиби деп турамын,
Кан Семетей, Күлчоро
Экөөнү колго түшүрүп,
Азыр бүгүн алармын,
Көрдүбү деп турамын.
Узун бойлуу, кең далы,
Чынардай мойну узарган
Какандан сендей көрбөдүм,
Эки көзү кызарган.
Комокойлуу сыр айза
Колойтуп өөдө аштаган,
Койгулашкан душманга
Коркуп колтук ачпаган,
Колуна тийген душманды
Коёндой жерге жанчтаган
Балбан сының бар экен.
Балам, бука моюн, буура сан
Булкушканды кууратkan
Баатырлыгың бар экен.
Ичсе канга тойбоочу
Капырлыгың бар экен.
Кебиң шекер, сөзүң бал,
Кайдан чыктың өзүң жан.
Аныктап угам сөзүңдү,
Ботом, ашкере көрөм көзүңдү.
Мен бир түпөктүү айза ыргайын,
Элдигиңди, жоолугуңду
Балам, ушу жерден ылгайын.
Чаңдыаяк мындай деген соң,
Күлчоро туруп муну айтат:
«Ай, Чаңдыаяк мергеним,
Каканчыдан келгемин,
Буруттан айза көп көрүп,
Оңбой калган экенсиң,
Мурунтан жалкып душмандан
Болбой калган экенсиң.

www.bizdin.kg



Бурулушта не пайда,
Бурут кайда, жоо кайда?
Калк куруткан анткорду
Казыр байлап берейин,
Манастын уулу канкорду.
Буруттан кордук көргөнсүп,
Атаңдын көрү, Чаңдыаяк
Мынча неге бошодуң,
Көргөзүп койчу көзүмө
Алмамбет уулу ошону,
Таш коргонун талкалап,
Албайт деген эмине?
Тамын тээп уратып,
Талын кыркып сулатып,
Бир талканды бурутка
Салбайт деген эмине?
Талкан кылып баарысын,
Байлап Бакай карысын
Албайт деген эмине?
Кызыталак буруттун,
Бурут деген журуттун
Жаккан отун өчүрүп,
Жабыркатып көчүрүп,
Жалпы бурут баарысын
Албайт деген эмине?
Эмгиче билбей кабарын
Чаңдыаяк жалкоо болгон экенсиң,
Сазаңшандан кеп укпай
Сен өзүң аңкоо болгон экенсиң.
Көк бука минип чамынган
Менин атам Мадыкан
Сазаңшандын каны экен.
Кечээ кытай, кыргыз урушуп,
Көп дүйнөнү бөлүптүр.
Менин атам Мадыкан
Чоң казаттан өлүптүр.
Жесир калып менин энем,
Алты айдан кийин энекем
Мен шордууну көрүптүр.
Көңүлдөгү капанын
Бирөөнү койбой жоюптур.
Тоюма токсон союптур,
Эл чогулуп, журт дүрбөп
Атымды Чоңбалбан атка коюптур,
Эркелетип энекем
Кытайча мойнума мажи тактырып,
Кары кандын кырк сынчы
Катар сынап жактырып.
Бирөөнүн көзү тиет деп,
Зуу кудукта кылама –
Кыламада чоң желдет,
Чоң желдетке бактырган,
Көзү ачыктан кырк Аяр
Катар сынап жактырган.
Менин аркы түбүм чоң улук,
Атайы келдим тоорулуп.
Сазаңшанда жатканда
Баатыр, мен кан буйругун
көргөмүн.
Менин атам болгон соң улук
Чаңдыаяк, мен алыстан келдим
тоорулуп.
Сенин мыктылыгың көрүүгө,
Кармаш кылсаң бурутка
Мен караан болуп берүүгө,
Менин чоңдугумду тоо көрдүң,
Атаңдын көрү Чаңдыаяк
Болбой калган экенсиң,
Сен жолдошуңду жоо көрдүң.
Канкордон айза далай жеп,
Аңкоо болгон экенсиң.
Сен чородон келтек далай жеп,
Жалкоо болгон экенсиң,
Койчу баатыр Чаңдыаяк,
Мен ашуучу кара кыр –
Асманга жакын тоо кайда?
Мен баруучу жоо кайда?
Талкалай тиштейм таш кайда,

www.bizdin.kg



Кылычтап кесчү баш кайда?
Тобун чечем кол кайда,
Оолуксам олжо кылуучу
Мен кийүүчү тон кайда?
Эң сактыкта не пайда,
Эңише турган эл кайда?
Эстүүсүнгөн Чаңдыаяк,
Сени эңкейтип жаткан жоо кайда?»
Деп, ошентип, Күлчоро
Жолун тозуп турду эле.
Мына ошондо Чаңдыаяк:
«О ботом, баштатан айтсаң
чыныңды,
Ырдап бербей ырыңды,
Же билгизип койбой мунуңду.
Ушу кебиң чын болсо,
О, ботом, айтканыңа көнөйүн,
Эңкейтип салып бурутту,
Мен Чет-Бээжиндин кандыгын
Сүйүнчүңө берейин,
Сенин эрдигиң элге билинген,
Мадыкан балбан тууду деп,
Бээжиндин алтын тагында
Даңзасына чийилген,
Кебелбей жүрөт мен десем,
Келип калган экенсиң,
Болот ооз сыр жебе
Бурутка салсаң аңгеме,
Мына белекке бердим алыңыз,
Белсенип согуш салыңыз.
Белекке алып сыр жебе,
Берендиги ушундай
Бээжинге салат аңгеме.
Мына ошондо Чаңдыаяк
Туура душман Чорону
Тууганым деп көрдү эми.
Жай-жарактын баарысын
Чоңбалбан деп Чорого,
Чогуусу менен берди эле.
Чоң качырдын оозун
Тартып турду Чаңдыаяк,
Чогуу сырын Чорого
Айтып турду Чаңдыаяк,
Манастын уулу бадирек
Башкача экен, шер да экен,
Экөөбүз айла кылбасак,
Калтырбастан кытайды
Кырып ийер кези экен.
Кызталактын өзү экен,
Төрөсүнөн чоросу
Айза салым эр экен.
Жалгыз барып жылкы алып,
Жалаң Бээжин, Какандагы
Кыргандыгы эп экен.
Каарланса кылат түз,
Өрттөнгүрдү байкасаң
Өлдүм деп жандан күдөр үз!
Чапчышып чамам келбеди,
Чабышып кулду жеңбедим.
Күйгүлтүгү Күлчоро
Жайнаган кызыл чок экен,
Кулак угуп, көз көргөн
Мынча жерде жок экен.
Ай-ааламды буй кылган
Адамдан чыккан шок экен.
Абайласам ааламда
Андай неме жок экен.
Серпишкен тоом сексен төрт,
Айкырыгы кызыл өрт.
Чыдап адам баргысыз,
Чындап адам жеңгисиз,
Чын ушундай кул экен.
Ата наркын сурасак –
Алмамбеттин уулу экен.
А да кытай, бу журттан
Ашкере чыккан шум экен.
Кыргызда жүрүп туулган,
Кытайга салды чуулган.

www.bizdin.kg



Эски арыктын укуму,
Өрттөнгөн Чоро кутургур
Чылабанын тукуму.
Ар качандан бир качан
Өздөн кордук көрүппүз,
Эр Чаңдыаяк мен болсом,
Эр Чоңбалбан сен болсоң,
Шыпшайдардын Жезбилек,
Бул үчөөбүз бириксек
Бизди беттеп менде келеби,
Беттешип душман жеңеби?
Аңдып душман алабы,
Салышкан жоо калабы?
Түмөн колдо бөлүм жок,
Түп үчөөбүз бар болсок,
Биздин Коң төрөгө өлүм жок.
Кара суудa кеме жок,
Карсылдашып биз турсак
Бизге каш кайтарар эме жок.
Каарыбыз келсе какайып,
Казыр кырып өтөбү?
Кызыталак буруттун
Түбүнө минтип жетеби?
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жардай болуп Чаңдыаяк
Жабыркатып эр турса,
Жадаал төгүп чамынып,
Жалаң айза камынып,
Эр Чоңбалбан сен турсаң.
Жолоп адам келеби,
Жоолошуп душман жеңеби,
Бармактуу адам батабы,
Басташып адам келеби?«
Деп, ошентип, Чаңдыаяк
Бээжиндин чынар багынан,
Кары кандын алдынан,
Жолборсу он беш ышкырган
Ажайыптын алдынан,
Алып чыккан курч кылыч,
Алмадай мойну узарып,
Арыландай көзү кызарып,
Алышкан жоого арынап,
Атам берген курч кылыч
Шилтесе кыба кандырган,
Мизи болот, учу курч
Жоого салсаң мүлк ушул,
Белекке бердим Чоңбалбан,
Бердим каалап алыңыз,
Бет алышкан бурутка
Мына бейпайды чогуу салыңыз.
Кармай калып сабынан,
Эр Чоңбалбан, алгын деп,
Кылычын суурyп көрдү эле,
Күлчорого берди эле.
Ал жабдыкты алганда
Албай Чоро турчубу,
Аябаган чоң дүмөк
Салбай Чоро турчубу!
Жабдык алып жалдырап,
Күлчоро карап турабы.
Карап туруп Чорону
Минтип Кудай урабы.
Мына ошондо Күлчоро –
Кармашары Чаңдыаяк.
«Жаа атам Манас, колдо!» деп,
Шамдагайы болжолсуз
Шап чылбырдан алды эле,
Шакылдатып мергенди
Карсылдакка алды эле.
Мына ошондо Чаңдыаяк
Ара жерден алдатып:
«О, ботом, кокуй болгон экемин.
Көзүмдү ачпай сынчы жан
Кара көзүм кашайып,
Сокур болгон экемин.
Катуу мүшкүл бүгүн күн,
Көргөнү келген экемин,
Кызыталак Чородон

www.bizdin.kg



Өлгөнү келген экемин,
Орою жок алдатып,
Кокуй болгон экемин.
Өз жабдыктан айрылып,
Кокуй болгон экемин!»
Деп, ошентип, Чаңдыаяк
Колунда болот чоюнбаш
Он эки жылга, сексен кыр
Кагышканын карап тур,
Кара жаак чоюнбаш
Кармай калып имерип,
Кайра тартып кош колдоп,
Төбөгө салып жиберип,
Көк темирден туулга
Майыша түштү быркырап.
Чоюнбаш башы ошондо
Сабы сынып чыркырап.
Чаңдыаяк каар баштады,
Жердин жүзү мунарып,
Ичи, тышы чок болуп,
Кулап кете таштады.
Балбандыгы башкача,
Баатыр黄 тууган Күлчоро
Алтын жаак айбалта
Мизи карыш алжайган,
Чапкан жерден кан жайган
Болот уңгу айбалта
Болжоп кармап имерди,
Ал Чаңдыаяк капырды
Карсылдатып жиберди,
Бир салбады үч салды,
Шамдагайы болжолсуз
Шакылдатып күч салды.
Кудай бетин көрсөтпө,
Күлчоро жолборс, тигилер
Эми күрсүлдөштү ошо жер.
Айбалта менен салышып,
Айбалталар быркырап,
Сабы колдо калды эле.
Кылыч сынып чыркырап,
Кабы куру калды эле.
Ок өтпөс тондор тытылып,
Чапкан жерден чаң чыгып,
Койгулаштан жан чыгып,
Баатырлык жөнү ушундай –
Жакалашып чоюшуп,
Бөлөк кылар айла жок,
Муштум менен коюшуп,
Түп этектен алышып,
Тикирейип тиктешип,
Оодарылып калышып,
Опсуз оюн салышып,
Күнү-түнү жети күн
Алыш кылып жатышты,
Астындагы тулпарлар
Тизеден кумга батышты,
Өлгөндө болбойт эч арман
Кыраан шерлер кезигип,
Кызык кылган чоң жаңжал.
Кудай бетин көрсөтпө,
Тондор тозуп сүзүлүп.
Топчунун баары үзүлүп.
Бүчүнүн баары үзүлүп,
Ок өтпөстүн баарысы
Тигишинен сүзүлүп,
Кармап тартса тондору
Тон этегин карачы,
Чириген жиптей үзүлүп.
Чалкылдашып салышып,
Опсуз экен эки шер
Оодарышып калышып.
Эл каалабай, журт көрбөй
Элкин жерде салышып.
Мына ошондо Чаңдыаяк
Чородон бошой бергенде,
Астындагы боз качыр
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерди,

www.bizdin.kg



Каң дегизе качырды
Капталга тартып жиберди.
Тегиз тарткан темир тор,
Коң төрөнүн жанында
Көз жетпеген калың кол,
Айры белес, ач кайкаң,
Ашып калды Чаңдыаяк,
Өлөмбү? – деп жанынан,
Шашып калды Чаңдыаяк,
Коң төрөнү карата
Качып калды Чаңдыаяк.
Качыр менен элтеңдеп,
Чаңдыаяк качып өтөбү?
Мураасына жетеби,
Күлчородон кутулуп,
Ошол мерген кетеби?
Жаадай учкан Сур аты
Баскан жери быркырап,
Чоң казандай даңканы,
Жолу болгон Чоронун
Төбөсүндө чыркырап.
Араандай оозу ачылып,
Арыштаса Суркоён,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроого чачылып.
Чуркаш кылса Суркоён
Куйрук, жалы таралып,
Чарадай болгон чоң туяк
Чапчыса жерге жаа алып,
Түйүлгөндө зыркырап,
Ээр белдей белести
Ашып кирген мергенди,
Артык жандан түңүлүп,
Шашып кирген мергенди,
Арка жагын карабай,
Качып кирген мергенди
Мына ошондо Күлчоро
Булуттай учкан Сур аты
Жан куткарбайт бул аты,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча
Ал Күлчоро жетти эле,
Жеткен жерде Чаңдыаяк
Жерге кирген мергенди
Бу дүйнөгө жаралып,
Бузуку туун келгенди
Кыргагы темир сыр айза
Кыска кармап Күлчоро,
Муштап келип өттү эле.
Качырынын үстүнөн
Тоо кулаган эмедей
Көмө коюп өттү эле,
Опол-тоодой дардайып,
Учуп жерге жетти эле.
Чаңдыаяк кулап кетти эле,
Мына ошондо Күлчоро,
Эстен танган мергенди
Арыслaндай басып кармады,
Козголдурбай балбанды
Колу-бутун байлады,
Белинен кармап бүктөдү,
Качырына жүктөдү.
Бөлүнгөн бөксө жол менен
Олжо кылып мергенди
Тирүү кармап алды эми,
Абасынын алдына
Тартууга айдап калды эми.
Мына ошондо Күлчоро
Ичке жолун төтөлөп,
Чапчышканы Чаңдыаяк
Тирүү кармап жетелеп,
Эки колун тең байлап,
Сатуусуң деп келатат.
Көкжал кандын алдына
Тартуусуң деп келатат.
Мына ошондо чорого
Арбак конуп балкылдап,
Ала-Тоодой залактап,

www.bizdin.kg



Ач арысландай алактап,
Күмүш кемер курчанып,
Күлүңдөгөн чунактын
Күндөй бетин нур чалып,
Алтын кисе курчанып,
Айдай болгон Чоронун
Алтындай бетин нур чалып.
Кичи казат кызыгын
Жайлап чыгып келатат,
Кордугу өткөн мергенди
Качырга баалап Күлчоро
Айдап чыгып келатат.
Мына ошондо Семетей:
«Күлчоро айткан кеп эле,
Алты күндөн жети күн
Келе турган убада
Мезгил ушу деди эле.
Ай бөксөрүп, күн өттү
Ал кечигип минетти.
Каарды катуу салган бейм,
Кагышка барган Чоромду
Тегеректеп алган бейм.
Эки көзүн ойгон бейм,
Каран калган Чоромду
Көөнү келсе көп манжуу
Өлүм кылып койгон бейм.
Караан кылып отурган
Күлчоромду сойгон бейм.
Казган белем орумду,
Кайнаткан белем шорумду.
Көргөзгөн белем көзүмө,
Кап-кайдагы сонунду.
Кудай жалгыз кылганды
Кууруткан белем, кытай журт
Күлчоро жалгыз тууганды.
Быйыл Арбуурулду минбесем,
Атаңдын көрү, көп кытай
Сени Бээжинге чейин сүрбөсөм!
Күрөш кылып өтпөсөм,
Сенин түбүңө чогуу жетпесем,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!
Кыстоо көрүп кайгырбай,
Күлчородон айрылбай,
Бу көрөкчө өлөйүн!
Кагышып жатып кайрылып,
Канетип тирүү калайын,
Күлчоромдон айрылып!
Айкөл чоро эреним –
Атышка кирсе сан колдой,
Айланайын берениm.
Жалаң кытай чуу туруп,
Жан-жанынан кирген бейм,
Айзага таккан желекти,
Ай, Күлчоро белекти
Дүнүйөдөн жок кылып,
Чоромдун жанын кыйган бейм.
А Күлчором барында
Он төрт атым байладым,
Орто Кең-Кол жайладым.
Атыша чыккан жоо болсо,
Астыма салып айдадым.
Аа Күлчором барында,
Ачуума тийген жоо болсо
Азууга салып чайнадым.
Ай, Күлчоро эреним,
Абасы султан төрөгө
Жолдош болгон берениm,
Жорткондо жолум болорум,
Жолуккан жоону сорорум.
Табылбаган эреним,
Таалайга бүткөн берениm,
Талкалашып турушуп,
Кытайга уруш саламын.
Кокустан өлсө Чоромун
Сөөгүн кайдан табамын.
Деп, ошентип, Семетей
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.

www.bizdin.kg



Агарып өңү суюлуп,
Ай, Күлчором, дегенде
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп.
Арыслaндай көз жайнап,
Кан ичмеси бек кармап,
Каарданып шаштырып,
Ардай болгон Буурулду
Алчактатып бастырып.
Көзү көргөн алыстан,
Көкжалдыгы момундай
Жеке чыккан жарыштан.
Айткан сөзү эки эмес,
Арыслан туураган кургурдун
Кылган иши чеки эмес.
Атасы Манас өлгөнсүп,
Каарланып кайгырып,
Адам, күн убада жети күн,
Күлчородой беренден
Он эки күн айрылып.
Быйыл Күлчородон айрылсам,
Абайы менен жабуулап
Ар Буурулду минбесем,
Кара курттай кайридин
Сени Каканга чейин сүрбөсөм.
Чабышты мыктап салбасам,
Күлүстөн Күлчоро кегин албасам,
Манастан туулбай өлөйүн!
Амызсыз адам болгуча
Туулбай туна чөгөйүн,
Кара курттай журт менен
Мен бир кагыш кылып көрөйүн!
Каалап турса караңкүн,
Мен бир кара жанды берейин!»
Каарданып какайып,
Аккелте кармап күтүптүр,
Солкулдабай кара жер
Калыңынан түтүптүр.
Ай-ааламды шаштырып,
Эри өлгөндөй ээлентип,
Буурул атты бастырып.
Касаба колдо бөлүнүп,
Айкөл Чором кайда деп,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Желиккенде жетигиң
Көк аскардай көрүнүп.
Муңканганда төрөнүн
Ай, Күлчоро, дегенде
Мурутуна муз туруп,
Кабагы түшүп салаңдап,
Канкордугу ушундай
Каарланып алактап,
Көзү кашат ордундай,
Көкжал тууган түгөнгүр
Жөн эле көрүнгөндү соргудай.
Караан болсо жеткидей,
Кайсактаган түгөнгүр
Кагыш болсо жөн эле,
Кайсап-кайсап өткүдөй.
Тоо жоголгон урчукка,
Тозо чыгып турду эле
Томурайган тумшукка.
Эстеп төрөң кабылан,
Эми чором дегенде
Көңүлү жаман бөлүнөт.
Сөөгүн кайдан көрдүм деп,
Эстегенде төрөнүн
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Адам, мунарык тартып бурчтанган,
Көрүнгөндө көмүлгөн,
Көрүнбөсө кашайгыр
Көз жетпеген мунарык,
Анда-мында тунарып.
Бая, короздой болгон кайран шер,
Козголбогон кайран эр
Адам, боосун албай мойнунан,
Болк дегизип чоң дүрбү
Сууруп алып койнунан.

www.bizdin.kg



Адам, калк аманын кааласа,
Жоого салчуу дүрбүнү
Жолборс төрөң караса,
Акетай кызыкты кымбат салыптыр,
Кыйын мерген Чаңдыаяк
Каруусу толук капырды,
Канга тойбос баатырды
Белинен кармап бүктөптүр,
Айлансам болот Кудайга,
Күлчором бери карай жүктөптүр!
Качырга байлап таңыптыр,
Канкор абасына
Кагылсам болот Кудайга,
Тартуу кылып калыптыр.
Ошо кезде Семетей
Каарланып сабылып,
Күлчорого жалынып:
«Бел байлаган белимден,
Береке Чоро шеримден,
Айлансам болот эримден,
Ушу Күлчоро шеримден!
Бул Күлчоро балага
Кылым кыргыздын журту садага!
Кудай жалгыз кылганга
Куп ыраазы боломун,
Кургур Күлчоро өңдүү тууганга!
Өчкөн отум тамызып
Өлгөн жанды тиргизген,
Үзүлүп кетсем улаган,
Чачылып кетсем жыйнаган
Өөдөгө чыкса өбөгүм,
Тегеренип кетейин,
Күлчоро, сендей бөбөгүм!
Чором, жылкыдан чыккан канаттуу,
Бере Буурул ат өңдүү малымды ал,
Азыраак болсо, асылым,
Көөкөргө куюп канымды ал!
Айтканым мындай билип ал,
Арысланым Чором, тилимди ал!
Белсенип чыгып Күлчором,
Бээжинге бейпай баштапсыз.
Алты миң кытай, сан калдай,
Аксакалы Коңурбай,
Байлап келип мергенин
Калчаны караан таштапсыз!
Кытайдын белин сындырдың,
Кылымды бузар Күлчором,
Кыргыздын көөнүн тындырдың.
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Күлүп ойноп жатканга
Кең Талас өңдүү жер кайда?
Күптүнү чечип бергенге
Күлчором, сендей эр кайда?!
Кырааным сендей балага
Кымбатың абаң садага!
Кырылышкан кытайдын
Кыйгайынан четтепсиң,
Кармап келип мергенин
Кыжылдаган кытайдын
Сен капкалуу шаарын өрттөпсүң.
Айбаты суук Коңурбай
Сен акыркы жолун чалыпсың,
Бир атаң эмес Күлчоро,
Кытайга кыргын салыпсың,
Алты атаң өчүн алыпсың.
Ар түркүн жыргап жатууга
Ала-Тоо сендей жер кайда?
Атышка кирсе кыйраткан
Күлчором сендей эр кайда?»
Ботом, сырбараң оозун бурду эле,
Чоросуна төрөсү
Эми эрдигин көргөндө
Кошамат айтып турду эле.
Мына ошондо Күлчоро –
Жайдаңдаган шер чоро,
Телегейи тең чоро,
Семетейге муну айтат.
Теңселбеген кара көк

www.bizdin.kg



Теги ошондой шер чоро:
«Канкордугуң, шердигиң
Кызмат кылып көрдүк деп,
Абаке, Кытайдан чыккан Чаңдыаяк
Астыңа байлап келдик деп.
Өлтүрбөстөн житирбей,
Өз колуңа бердик деп.
Касташканың Чаңдыаяк,
Мына колуңа алыңыз,
Мейлиң тирүү коюңуз,
Колуңа тийген кытайды
Ачууланса союңуз.
Деген сөзгө көнүңүз,
Бу кыргыздын кандыгын
Кабылан абам, бериңиз.
Курама атты жоюңуз,
Кул атымды жоготуп,
Курама атымды оңолтуп,
«Байлап келдим баатырды,
Эр Чаңдыаяк капырды,
Жүрүшүнөн чаң чыккан,
Кобурунан жан чыккан,
Жаа мылтыкка ыктууну,
Ажайыптан окуган
Ажыгөйлүү мыктууну.
Бээжинден чыккан белсенип,
Бек Чаңдыаяк эриңиз,
Чорого көздү салыңыз.
Каруусу толук капырды
Баатыр, тартууга бердим, алыңыз!
Тыйпыл кырып кытайды
Баатыр, тындым кыла салыңыз,
Жамгырдай жааган калың ок
Азыр кегин алыңыз!»
Деп, ошондой деген соң,
Каарданып камынып,
Кабыландын өзүнө
Кайыптан акыл табылып,
Чаңдыаякты укканда
Өрттөй көзү бек жайнап,
«Бир атам эмес ушул жол
Он атам куну бүттү» – деп,
Кан ичмеси бек кармап,
Каалгадай кашка тиш –
Калайыктан башка тиш
Таруудайдан бек чайнап,
Өрттөй көзү бек жайнап,
Манастан калган Зулпукор
Кынынан суурул алды эле,
Эсебин эми тапты эле,
Аа Чаңдыаяк балбанды
Сексен беш бөлө чапты эле.
Жонокчого сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарды эле.
Ичиндеги канынан
Кочуштап жутуп алды эле.
Атамдын куну кетти деп,
Кабылан тууган көкжалың
Үшкүрүп туруп калды эле.
Мына ошондо Семетей:
«Өдө чыкса өбөгүм,
Ой, Күлчоро, карааным,
Күлчородой балага
Кыргыз эмес, кылым журт
Болуп кетсин садага
Сен өңдөнгөн балага!
Берен абакең көкжал садага!
Кармашканым Коңурбай
Катуулап согуш салыптыр.
Айласын таап манжууну
Узунунан салыптыр,
Бу күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүн кармап союп бер,
Алөөкөнүн Коңурбай
Ала буурул чочкодон
Кайдагы кекти алып бер.
Кулжуңдаган Калчаны
Узунунан салып бер,

www.bizdin.kg



Жеткире көр санаага.
Жеткизсең төрөң садага,
Чором, сен өңдөнгөн балага!
Аргымак, тулпар көп бактым,
Айлансын Тайбуурул сендей
буудандан.
Азамат жыйдым, шер жыйдым,
Айланып кетсин Күлчоро сендей
баладан.
Чын чоро, сендей балага
Менин чымындай жаным садага!
Түнөрүп жаткан Коңурбай
Күлчоро, түнөрүп айза сунуп бер,
Кармашарым Коңурбай
Чором, узунунан салып бер!
Кан Коңурбай эренди,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны беренди,
Каруусу толук капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Амалын эптеп таап бер,
Эптүү да элең, шер да элең
Белиме таңуу шер элең.
Каз айланбас зоодайым,
Каргылуу кара тоодайым,
Караан болуп берсин деп,
Карааным сендей Чорону
Берген экен Кудайым.
Астыма салсам ак жолум
Айдап жүрсөм сан колум.
Алтындан кылган сом балтам,
Айбаты калың чоң аркам.
Көк ала сакал чоң манжуу
Көлпөңдөгөн Калчаны
Көрсөң жинин кагып бер.
Баатырдыгын Күлчором,
Бир эсебин таба көр!
Эрен экен, шер экен,
Эсил атам көкжалды
Мент кылаары эп экен.
Картайган сайын каары күч,
Кагышканды кырган түз.
Акылман экен, ыктуу экен,
Өзү жоонун айласын
Ашкере билген мыктуу экен.
Керуунун салган тамы экен,
Келберсиген түгөнгүр
Кечилдин мыкты каны экен.
Мен үчүн кызмат кыла көр,
Өкүмсүгөн Калчаны
Өрт өчкөндөй кыла көр».
Деп, ошентип Семетей,
Коңурбайдын кордугу,
Ар качандан, бир качан
Өтүп кетти ушундай
Кутургурдун зордугу.
Өлүп жетип дүйнөдөн
Коңурбай Калча жоголбойт,
Коңурбай Калча жоголбой,
Кыргыздын иши оңолбойт.
Булуттуу кара бел экен,
Уйпалган Калча шер экен,
Улук атам Манасты
Буй кылганы эп экен.
Коңурбайга ал жетпей
Жан жаратып жараткан
Не үчүн мендем деди экен.
Кабарында бар бекен,
Каары күчтүү капырдан,
Кайраты ашкан капырдан,
Бет алганды буй кылган
Беренсиген Калчадан,
Кытайдан чыккан анткордон,
Кечилдин каны эң чоңдон
Бир айласын таба көр.
Жайлап салып капырын
Жана, аба, кызмат мындай деп,
Абаң эрге Күлчоро

www.bizdin.kg



Бир мактанып кала көр!
Ымыркай бала кезинде
Ырас баатыр болсун деп,
Берен энем Каныкей
Оң эмчегин эмизди.
Жүрөгү майлуу болсун деп,
Жая туурап, жал кертип,
Казылуу майдан жегиздим.
Аргын, кыргыз калың эл
Кимге балан дегиздим?
Мойнуңа тумар тактырдым,
Болумдуу баатыр болсун деп,
Кылдаткерге бактырдым,
Адис мерген болсун деп,
Аккелтени аттырдым.
Айзага камбыл болсун деп,
Кыркып оозун кырк балбан
Тигишинди Күлчоро
Айза менен жаткырдым.
Ар керекке шай кылдым,
Ай, керектүү тууганым,
Бет алдыма мен сени
Медер кылып тургамын
Ар качандан бир качан
Алдейлеп багып баптадым
Агытсам деп Калчага
Ушуну тилеп жаткамын.
Калың кыргыз, көп аргын
Конуп жаткан кезинде,
Күндүзүң кымыз, түнүң кыз
Болуп жаткан кезинде,
Эриксе элик атканда,
Кара-Буура, Чаткалда
Кечээ кайкалап кыргыз жатканда,
Кардым ачып баратса,
Казыны туурап жеп жүрөм.
Каралдым Күлчоро көзү түз болсо,
Балакет кайда деп жүрөм.
Каары кыйын душманга
Каттатпай жолун бекитип,
Тор салармын деп жүрөм.
Күлчоро көзү түз болсо,
Кытайың эмес кылымга
Кол салармын деп жүрөм,
Куйругун түйсөм Тайбуурул
Атым келет деп жүрөм,
Ай-ааламга кайран жан
Асыл чором барында
Датым келер деп жүрөм,
Ушу кайран Чором барында,
Кашатка салган жел тийбес
Там болормун деп жүрөм.
Ай-ааламдын баарына
Ата, айланайын Күлчором,
Асыл башым бар болсо,
Кан болормун деп жүрөм.
Туу урушсам какандан
Тиктеп кирсем олжолоп,
Бурак алам деп жүрөм.
Сулайман кирбес Бээжинден
Султан Чором барында
Каттатпай жолун бекитип
Сурак алам деп жүрөм.
Айланайын Күлчором,
Жадыгөйлүү Калчаны
Канча эрдигин билип бер,
Кармашарың Коңурбай
Так эле Каканга чейин сүрүп бер!
Төрөсүнгөн Калчанын
Таянганы сеңирдей,
Талкалашып Семетей
Коңурбай сойду дедирип,
Күптүнүн баарын чача көр,
Күзгүдөй өңдү ача көр.
Чором, капанын баарын чача көр,
Кабакты жарып ача көр.
Чынмачындын канына
Чын кыргынды сала көр,

www.bizdin.kg



Абаңа душман Калчадан
Чором, артыкча кегим ала көр.
Бекип жаткан белдерди,
Бейпай кылып союп бер
Каардуу Калча эрлерди.
Кармашарың Калчага
Калча жетти канчага.
Жетип чукуп көзүңдү,
Жетик Чором, муну ойлон
Жетим койдум өзүңдү.
Чуулган салып Коңурбай
Кыргыздан алды көчүңдү,
Кыйыны Калча барында
Кытайдан алалбадым өчүмдү,
Дардаңдаган Коңурбай
Таластан чапты көчүмдү,
Ал кутурган чочкодон
Алалбадым өчүмдү
Бээжинден чапты сартымды
Белсенишкен чочкодон
Ала көргүн дартыңды.
Күлчором өзүңдөн айла болбосо,
Керишкен менен айла жок.
Ылдый чуңкур бел экен,
Ырастап кыргын салганга,
Керишип кекти алганга,
Кыргыздын журту аз экен.
Өөдөгө бүткөн чеп экен,
Өлгөн сайын өөрчүптүр
Калмактын калкы көп экен».
Качанкысын жоктоду,
Күлчорого муну айтып,
Кабылан төрөң токтоду.
Ошо кезде Күлчоро:
Күмүш көздүү, күн жүздүү
Күңгүрөгөн шер абам,
Арыслaндай көзү жайнаган,
Ата ордуна кармаган,
Баана кылып отурган
Маңдайдагы батабыз!
Балдар жетим калганда
Багып алган атабыз!
Абакем аман жүрсүн деп,
Сизди арка кылып жатабыз.
Кара мунар белибиз,
Караан кылып отурган
Кабылан абам шерибиз.
Тагдыр жетсе өлөрбүз,
Кабылан абам сен болсоң,
Кара нээт Калчага
Бир караан болуп көрөрбүз,
Аңдышкан жооң Коңурбай
Албарстай канын чачарбыз,
Аман болсок бир күнү
Күптүңүздү ачарбыз.
Белги кылган медерим,
Берен аба султаным,
Жумшасаң тилиң аларбыз,
Кытай каны Коңурбай
Кыргынды кызык саларбыз.
Кыжылдаган Калчадан
Өлбөсөк кекти аларбыз.
Ата, кагылайын кан абам,
Бар десең жоого жетербиз.
Карсылдашып салышып,
Кызырдуу абам сен үчүн
Кыргын болуп кетербиз.
Чийилген мүшкүл дагдырды,
Ажал менен азапты
Акыры бир күн көрөрбүз.
Күн түгөнсө өлөрбүз,
Күрсүлдөгөн Коңурбай
Бээжинге чейин сүрөрбүз.
А да душман арамга
Артык согуш салганга,
Өзөлөнбөй шер аба,
Так өзүңдөй болуп барганга
Буулум тон берчи киейин,

www.bizdin.kg



Буурулду берсең минейин,
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Бээжинге чейин сүрөйүн.
Кагышкан калкын кырайын.
Канкор кан атам Манастын
Кунун куайын.
Сырнайза берсең алайын,
Сырты душман Калчаны,
Так талкандай кылып чалайын.
Айза сунуп, топ бузуп,
Дагдыр жетсе окко учуп,
Капырдын тарткан торуна
Кармаш кыла берейин.
Кан Коңурдун жолуна
Бекитилүү белине,
Берен Калча шерине
Бейпайды бекем салайын,
Так Бээжинге кууп барайын.
Айтканым ушул билип ал,
Арыслан абам, тилимди ал!»
Бербеймин деп айталбай,
Белгилүү тууган чунакты
Берениң көөнүн кайтарбай,
Кой, бала, деп айта албай,
Кокуй тууган чунактын
Азили көөнүн кайтарбай,
Чечип берди буулумду,
Түшүп берди Буурулду.
Абасынан атайы
Арбуурулду сурады
Ала-Тоодой Буурулга,
Темир таман үзөнгү
Бала теппей ыргып чурады.
Семетейдин Аколпок,
Серпишке чыкчу Күлчоро
Үстүнөн баса кийди эми,
Манастан калган Аккелте
Ай далыга илди эми.
Асмандан түшкөн Боз кисе
Белге кынай курчанып,
Арбак конуп калкайып,
Боз керүүдөй заңкайып,
Жаланганы жолборстой,
Жарышкан аман болбостой,
Мына ошондо Семетей
Убарасы көп кытай,
Урушары – Коңурбай.
Жобогону көп кытай;
Жоолошары – Эзкара.
Эзкара, Калча буларды,
Жараткан Кудай кудурет
Берер бекен колуна
Бул өңдөнгөн кууларды.
Дүмөктүү Калча баатырга
Бармак болду Күлчоро,
Аябаган чоң дүрбөөн
Салмак болду Күлчоро.
Адам көрбөс кызыкты
Кылмак болду Күлчоро,
Кайнап жаткан калкына,
Абасынан бата алып,
Шайдаңдаган шер Чоро,
Казатты көздөй аттанып,
Кармашты катуу салганы,
Кан Коңурбай шер менен
Кармалышып калууга
Кайнаган кытай көп колго
Карай жортту Күлчоро
Алдоого кирсе Калчаны
Билгени жортту Күлчоро.
Алдатпаса кырганга.
Киргени жортту Күлчоро.
Көргөнду жандан түңүлтүп,
Көп душманды күйүнтүп,
Аңдыганды шаштырып,
Астындагы Буурулун
Алчаңдата бастырып,

www.bizdin.kg



Сырнайза колдо койкоюп,
Чоң өтүк бутта чойкоюп,
Бадана кийип балкылдап,
Кайран чоро кыраандын
Касаба колдо калкылдап,
Уңгусу болот, учу курч
Урушка дүмөк сыр айза
Бу колунда койкоюп.
Кылыч жанда балкылдап,
Айбалта колдо жаркылдап,
Атышка кирчү Аккелте
Асынганда жаныбар
Ай далынын айнеги.
Айкашкан жоого сундурса,
Аманат жандын эрмеги.
Ойногондо Очогор,
Чындап атса Койчагыр,
Дүп эткенде чак эткен,
Түтүндөн мурун жан кеткен.
Чаңырса үнү сындаган,
Чалышкан чыдап турбаган.
Он эки сай козу боор
Кароолу алтын муштумдай,
Караса келте ушундай.
Оозу ойроттун куюну
Кундагы курчтун кырымы,
Атадан калган Аккелте
Атсаңыз мындай кыйыны.
Бул ийинде жаркылдап,
Астындагы Буурул ат
Шайбырлап басып жалкылдап,
Беттеп жоого барганда
Басыгы чыгып кылтылдап.
Алтын така, күмүш мык
Аягында жылтылдап,
Көркөмдөнүп жаныбар
Кыйгачтанып кыр баштап,
Айбандан артык жаныбар
Алышкан жоосун көргөндө
Асемденип түр баштап.
Буурул атын карасаң,
Кулакка жарык күйгөндөй.
Көкүлүнө карасаң
Көзүнө ченеп түйгөндөй.
Менин атым болсо деп,
Караган адам күлгөндөй.
Алчаңдата бастырса,
Чаткаягы карандын
Табылгылуу колоттой.
Маңдайында кашка тиш
Сомдоп койгон болоттой,
Төбөсүндө каракуш
Коржоңдогон карандын
Конуп бала алгандай.
Сопол куйрук, сом туяк
Сомдогондой Буурул ат.
Буурул минип булкунтуп,
Ээлендирип каранды
Эри өлгөндөй жулкунтуп.
Аколпокту кийгенде
Кындын кара көзүндөй,
Так эле кан Манастын өзүндөй.
Арбуурулду мингенде
Колдогону бир тогуз
Колдоп курчап алыптыр.
Жөлөгөнү бир тогуз
Жөлөп жатып калыптыр.
Жылас болгон каранды
Аты Кызыр дибана
Жылуу оздуктан төтөлөп,
Онжоңдотуп Буурулду
Он эки чилтен жетелеп.
Бобу кыраан чорону
Бастырганы момундай,
Барааны түмөн кытайды
Шаштырганы ушундай.
Кызыл буурул ат минип,
Кыйгачтатып бул ойрон

www.bizdin.kg



Кыл куйругун чарт түйүп.
Башка түрү көрүнүп,
Кабарын көрсөң жөн эле
Адамдан бөлөк көрүнүп.
Коңурбай көздөй бет алса,
Арсыландык түрү көрүнүп,
Кара чаар кабылан
Казыр кайсап чалчудай,
Тилди салып акактап,
Арыслан түрүн салыптыр.
Чолок куйрук арсылан
Жандай салып чамынып,
Жара тартчу эмедей,
Жана Манас арбагы
Колдоп калган кези экен.
Алпкаракуш-зымырык –
Алакең кандын арбагы
Азыр эңип кетчүдөй,
Асмандан арбайтып бутун сунуптур.
Кара башыл ак буура
Кайсап ийчү эмедей,
Как алдынан баланы
Кайсаң уруп туруптур.
Мунун колдогонун караңар,
Алдынан сойлоп алыптыр,
Оп тартуучу немедей
Алды менен ышкырып,
Алтымыш окшош кара мар.
Кара саат чунактын
Мындай түрүн караңар.
Беттеп адам баргысыз,
Колдогону жолборсту,
Кара жолтой карандын
Козголгон аман болбостой.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер
Айтсам түрү момундай,
Айза сунса ааламды
Айкырык менен жеңгидей.
Кобуртунан жан чыгып,
Козголсо жанды жегидей.
Билеги сом темирдей
Мурунуна караса
Борчук тоонун сеңирдей.
Жаңырыктын Жар-Кыя
Жолго жакын калыптыр,
Илектүү манжу, сан калдай
Колго жакын калыптыр,
Кол ичинде Коңурбай
Зорго жакын калыптыр.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай,
Көөхардан топчуу муштумдай,
Көрсөң түрү ушундай.
Этеги жайык көк күбө –
Ок өтпөгөн бек күбө.
Көк күбөнү жамынып,
Көрчү болсоң Коңурбай
Көк жолборстой чамынып.
Кайыптан акыл табылып,
Жоо жагына камынып,
Астындагы чоң Кара ат
Аркы-терки бастырып,
Алты миң кытай, сан калдай,
Анын баарын шаштырып.
Бак-бак этип бакырды,
Манжуучунун Коңурбай,
Эзкарасын чакырып,
Кан Коңурбай алдына,
Келип турду Эзкара,
Тизе жерге бүгүлүп,
Келиндердей жүгүнүү.
Качан болсо кан аты
Улугун көрсө кытай журт
Ургаачыча жүгүнгөн
Бу капырдын адаты.
Белги кылган мунара,
Мунарага жарык жагылып,

www.bizdin.kg



Урушка белги кагылып.
Калган манжуу көп улук
Кан Коңурбай алдына
Каптап келди жабылып.
Аңгемелүү Калчанын
Ар кыялын карачы,
Калкы курчап чуу туруп,
Кол жыйылып турганда
Калың аскер чуу туруп,
Мол жыйылып турганда
Балбан, дөөнүн баарысы,
Баатыр Калча карысы
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Кан Калчанын мээнети
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскардай көрүнүп.
Алтын айлуу сыр канжа
Алачыктай чоң Калча
Дүңгүрчөктө тамеки
Алтын ооз канжага
Алты чеңгел салды эле.
Адам, дүңгүрчөктө тамеки
Түгү калбай калды эле
Алты эли толбой канжасы
Канжасына от коюп,
Коркурата сорду эле,
Кумары канып болду эле.
Сорсо канжа коркурап,
Коё берсе түтүнү
Кол ыштыктай буркурап.
Жанындагы жөкөрү
Адашып турду чуркурап.
Капырыңдын түтүнү
Жөө тумандай буркурап,
Көк ала сакал манжуунун
Көрсөң түрүн ушундай –
Карабжысын калдайтып,
Каарланып бакырып,
Адам, шуру отогот, маржан таш
Дүңдүңдүн канын чакырып,
Эли караан калгансып,
Эзкарасын бакырып.
Күрмө белбоо кытайдын
Күчтүүлөрүн чакырып,
Акылга дыйкан карысын,
Алыптыр журттун баарысын,
Кол ичинде козголуп,
Коңгуроосу кагылып,
Түрлүү манжуу, көп шибээ
Түгү калбай жабылып.
Түгөнүшө кетчүдөй,
Түрлүү-түрлүү камынып.
Калк чуркурап, эл турду
Эл атасы Коңурбай
Калың колго кеп урду:
«Атаңдын көрү, калың журт,
Быйыл капчыгай элек, жол болдук,
Калың кытай кор болдук.
Бейлейсиңби кытайлар
Белди бурут сындырды.
Ар кайсыңар чоң улук,
Кырк кандын эли чогулуп,
Кыргызга келдик тоорулуп.
Кыргызга кыргын салганың
Кудай урган кеп экен,
Манастын уулу Семетей
Атасы Айкөл кандан эр экен,
Бурутка алыбыз жетпеди,
Бу Кудурет жараткан
Бизди не түрлүү мендем деди экен?
Арадан нечен кан кетти,
Көрдүңөрбү манжуулар,
Бу өрттөнүп кеткен буруттан,
Бурут деген журуттан
Эрендер өлдү, кан өлдү,
Мындан белсенген жандын
баары өлдү.
Кара кайсар жөө күлүк,

www.bizdin.kg



Кармаштан мынча жан өлдү.
Кечээ, алты күлүк ат берип,
Бээжиндин мыкты канына
Алакандай кат берип,
Бурутка бузук салууга,
Бу канкорду алууга
Какан шаарын чалдырдык,
Кара мерген Чаңдыаяк,
Жезбилекти алдырдык.
Атаңдын көрү, калың журт
Жал-куйруктан айрылып,
Сопол болдук көрдүңбү?
Мүйүз сынып, баш калып,
Токол болдук көрдүңбү?
Кырк кандын эли чуу туруп,
Кыргыздан келдик кайрылдык.
Бу кыйын экен эки кул
Кыраандардан айрылдык.
Кагышка чыктык кайрылдык,
Көрдүңбү, кайрандардан айрылдык.
Баатыр өлүп, эл калды
Адам, кыраң жактан чалдырдык.
Кыраандардын баарысын
Кыргыздарга алдырдык.
Кызыталак Семетей
Капталдан тийди жылкымды,
Ушунтип буздуң уйкумду.
Чөл түшүрүп Бээжинди
Ачып кетти уйкумду.
Анда кырды балбандан
Карагул баштап журтумду,
Атасынан бу көкжал
Алда канча эр экен.
Алдырып иймек болдук ээ,
Бу кытайдын журту кем экен.
Калайман өлдү, кан өлдү,
Келберсиген кан өлдү,
Журтум, боо кез болгон жандын
баары өлдү.
Кырылып кыраан чок өлдү,
Кыйла дөөнүн баары өлдү.
Албан түрдүү калк өлдү,
Алптан кыйын Кары кан
Эр Чаңдыаяк бул өлдү,
Эми кыйрап бел кетти,
Биздин Чаңдыаяк өңдүү эр кетти.
Улуктарым дөөлөрүм,
Бүт Бээжинге ээлерим,
Жазы жаак, жалпак тил
Жаңылбай турган чеченим,
Жана келген эченим,
Айлакерлүү ыктууң кел,
Акылга дыйкан мыктууң кел,
Шай колдогон шериң кел,
Кара көңүл эриң кел.
Бу сөзүмө көнүңөр,
Манастын уулу капырга,
Алмамбет уулу баатырга,
Чабышып чамаа келбеди,
Же чапчышып киши жеңбеди.
Кармашып каруу келбеди,
Манастын уулу берендин
Белгилүү экен, бел да экен,
Мендеден ашкан шер да экен,
Атасы Манас айкөлдөн
Алда канча эр да экен.
Телегейи тең экен,
Ичин көрсөң канкордун
Мына жер жүзүнөн кең экен.
Кылым журт кырын чалбаптыр
Бу кызыталак Семетей
Буга укуруk кайрар калбаптыр.
Адам, телегейи тең экен,
Муну Шай колдогон шер экен.
Ала-Тоо менен Бээжинди
Өзүм чалган жол эле,
Ал эмес, атасы Манас көөдөктү
Алты алдаган кол эле.

www.bizdin.kg



Беттеп айза суна албай,
Бек амалга сала албай,
Абайлап ыгын таба албай,
Аңкоо болуп тургамын,
Асты сырын биле албай,
Айзалашып кире албай
Жалтаң болуп турамын.
Канаттарым жулдуруп,
Канчалырым кырдырып,
Калтаң болуп турамын.
Сексен ашып токсонго,
Барып калган кезимби,
Же быйыл өлгөндүктү мойнума
Алып калган кезимби?
Эрдик менен кайран күч
Же танып калган кезимби?!
Журтум, бул өрттөнгүр кыргыздын
Эбин кантип кылабыз?
Элин кантип кырабыз?
Айлын кантип чабабыз?
Айласын кантип табабыз?
Алдырып салып, Каканга,
Э, журт, өлбөй кантип барабыз?
Куйкалап ийди бурутуң,
Кууратып ийди Бээжинди
Бу бурут деген журутуң.
Беттин баарын көө кылды,
Берендин баарын жөө кылды.
Бир кылбады, миң кылды,
Кырк уруу кытай элине
Кылымдан артык чыр кылды.
Мен Коңурбай болгону,
Коңурбай атка конгону,
Алтымыш уулдун кенжеси,
Алөөкөнүн эркеси
Баатыр Калча болгону
Айза кармап, топ бузуп,
Эрден сынган жок элем,
Аалам чайкап эр бузуп,
Жерден сынган жок элем,
Манастын уулу бадирек
Куйкалады өзүмдү,
Куп сындырды сөзүмдү,
Байлады эчен дөөмдү,
Чыгарды эчен кээмди,
Сындырды бүктөп белимди,
Бучкагына теңебей
Ушул акмак кылды Бээжинди.
Манастын уулу чунакка
Искендер тийбес Бээжинди
Иштетип иймек болдук ко,
Чалыяр тийбес Бээжинди
Чалдырып салмак болдук ко.
Азирет тийбес Бээжинди
Алдырып кайтмак болдук ээ?
Мыктысынган шер өлдү,
Өлгөн жандан калган жан
Каканды көздөй жөнөдү.
Өрөпкүп келип көп кытай
Өз дүйнөмү бурутка
Чачып кетер бекенбиз?
Өлгөн жандан калган жан
Өзүбүзчө тентип Бээжинге
Качып кетер бекенбиз?
Ат байлаган чуңкурдай
Такыр болор бекенбиз?
Баштан, көздөн айрылып,
Бакыр болор бекенбиз!
Кечээ, кырк кандын эли кытайды
Кыйшайбай жыйып алганда,
Чуулдатып балбанды,
Чуркуратып көп жанды
Чубатууга салганда,
Баласын таштап кытайдын
Баатырын тандап алганда,
Канына казат салганда,
Катуу буйрук кылганда,
Койбой журтту жыйганда

www.bizdin.kg



Аламын деп бурутту
Көргөнү келген экенбиз,
Ботом, асты калбай жалгыз жан
Өлгөнү келген экенбиз».
Коңурбай мындай деген соң,
Манжуу каны Ээкара
Күркүрөдү, күүлөндү,
Капыр кытай калың журт
Калбай жыйып сүйлөдү:
«Эрендерим, кандарым,
Эсти билген жандарым,
Карабжы кийген капырың,
Менин кебим угуп тур,
Кан Коңурбай баатырым!
Бурутка кытай келгени
Балбандын баары өлгөнү.
Бул өрттөнгөн буруттан
Казып койгон ор көрдүк,
Кайнатып салган шор көрдүк!
Ааламды кырган бу кытай
Эр Семетей, Күлчоро
Бул өңдөнгөн шер көрдүк.
Кыргыздан кыйла кол көрдүк,
Кыйналып мүшкүл чоң көрдүк.
Айтканым мындай билип ал,
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Кабылан Калчам, тилимди ал!
Кызыталак бурутка,
Бурут деген куу журутка,
Айзакерге, баатырга,
Канга тойбос капырга,
Кан Семетей баатырга
Арага элчи салалы,
Кармап айла жанды багалы,
Арага элчи салалы,
Кыргын болбой тарталы,
Кызыл канга бөлөнбөй,
Жүрүчү, журтум, кайталы.
Жаңжал түйгөн мүшкүл иш,
Жаңжалдашпай кайталы.
Бу кызыталак бурутка
Чапчышып чама келеби,
Чабышып адам жеңеби?!
Күүлөнсө күч келеби,
Күрөшүп менде жеңеби.
Кутуруп кылган бурутка
Курубай калган тарталы,
Өрөпкүп турган буруттан
Өлбөй аман кайталы.
Элчи салып арага
Каканга кароол коёлу,
Артык тактык жок бурутту
Амал менен соёлу
Ажылдашпай, касташпай,
Артык эр менен басташпай,
Дегенине көнөлү,
Канкор Манас султандын,
Калган кунун берели.
Бээжинге кайра кайталы,
Берен Манас көкжалдын
Моминтип кунун берип кайталы.
Какан жолун чалдырып,
Оймок ооз, бото көз,
Кырмызы көйнөк, айча бел,
Кылпылдаган сулуу алып,
Бу канкорго тарталы.
Бул атаңдын куну деп,
Тартууга алгын муну деп,
Семетейге айталы.
Кырылышпай, чырдашпай
Кызыталак буруттан
Журтум аман кайталы!
Бээжинди чалып тил алып,
Алты миң кызыл бил алып,
Билге жүктөп, дилде алып,
Опсуз сулуу бото көз,
Кара көздөн миңди алып,
Күлчорого тарталы.

www.bizdin.kg



Чатакташпай, чырдашпай,
Кытай журт аман кайталы.
Каарланган бурутка
Дегенине көнөлү,
Алмамбет кунун берели.
Чуулган салбай тарталы,
Мынчаң бизде калды деп,
Чубактын кунун айталы!
Кыйраган болуп кырылбай,
Кытай журт минтип кайталы.
Атыш кылып бурутка
Алышып жатып нетели?
Аман-эсен кытай журт
Бээжинди көздөй кетели.
Быйыл Каканга кабар салалы,
Алтын менен дилдеден
Качырга боолап алалы.
Көп дилдеден арталы,
Көкжал Семетейге тарталы.
Буруттан бузук көрдүк деп,
Булкушуп жүрүп өлдүк деп,
Бээжинге аман кайталы».
Эзкара мындай деген соң,
Алөөкөнүн Коңурбай
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоңкара атын байлаган,
Калдайдын уулу капырың,
Кан Коңурбай баатырың
Алтымыш жайсаң кенжеси
Ал кытайдын мыктуусу,
Жер жүзүнөн аталып,
Болгон Калча эмеспи.
Кабылганды жай кылып,
Соргон Калча эмеспи.
Канча дүмөк, чоң чырга
Болгон Калча эмеспи.
Ал Эзкара канына,
Кыжылдаган кырк уруу
Кытайлардын баарына
Төбө чачы сүксөйүп,
Кежигеси үксөйүп,
Ачкан ороо көздөнүп,
Айбаттанып бакырып,
Азыр кандай дедиң деп
Эзкараны жапырып:
«Атаңдын көрү, Эзкара,
Амызы жоктун ары жок,
Ары жоктун баары жок.
Кармашканың бул бурут,
Кармашып жатып өлүңүз!
Өлбөй тирүү турганда
Кызыл көйнөк, айча бел
Кылпылдаган сулууну
Кантип колго беребиз?
Кармашарың бул бурут
Кармашып жатып өлүңүз!
Алты капка Бээжиндин
Күчөсө жолун чалабыз,
Бурут алды дедиртип,
Өлүшпөй тирүү кыз тартып,
Кантип тирүү калабыз?
Кыраандарды жедирип,
Баатырларын, шерлерин
Кыргыз кырды дедирип,
Өрттөнүп кеткен биз кытай
Өрөпкүп келдик бу жолдо,
Дүйнөнү кантип чачабыз,
Каканды көздөй темселеп
Уялбай кантип качабыз?!
Мен Коңурбай болгону,
Коңурбай атка конгону
Ай-ааламды буй кылып,
Айдап жүрүп соргомун.
Желигип душман жүрбөгөн
Кыйын жаным турганда
Кырк кандын эли кытайга
Кылайтып шамал тийбеген.
Кармашып келген калайык

www.bizdin.kg



Бирөө да тирүү жүрбөгөн.
Канкор Калча турганда
Кайсы душман беттеген,
Кармаш кылган калайык
Бирөө да тирүү кетпеген.
Кырк уруу кытай калың эл
Кыйын чоң кан алдына
Кыймалуу жагын чалдырып,
Кыраандардын баарысын
Ушу кыргыздарга алдырып,
Соксоюп кантип тартабыз?!
Таш сайынган чоң канга
Бурутуң талкан кылды деп,
Кантип жооп айтабыз?
Кармашты катуу салабыз,
Кылча калбай баарыңар
Кыргын болуп кеткиле,
Такыр бириң калбастан
Талкаланып өткүлө!
Өрөпкүп келип буруттан
Өткөрө жаман кырылдык.
Өз дүйнө кантип чачабыз,
Өрөпкүп качып чуркурап,
Не беттер менен качабыз,
Кыйын болсо кыргызга
Бирибиз калбай өлөлү,
Кылчактап качып жүргөнчө
Кылчактап туруп урушуп,
Кырылышып көрөлү.
Топон суу жетпес Чоң-Бээжин
Токтобой кантип барабыз?
Искендер тийбес Чоң-Бээжин
Дүйнөнү кантип угабыз?
Иштетип салды бурут деп,
Кайсы бет менен качабыз?
Дүнүйөнү чачканда,
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Какан эли качканда
Уруучу Кудай урбайбы!
Ал канкордун уулу Семетей
Кайрылбай Какан качты деп,
Так Каканга чейин куубайбы!
Кызыкты бурут кылбайбы,
Канды көлдөй агызып,
Калган журтту кырбайбы!
Эрендер өлүп, кан өлүп,
Эстеген жандын баары өлүп,
Минтип Кудай урбайбы!
Телпилдеген бурутка
Теңдикти кантип беребиз,
Теминишип салышып,
Тегиз бойдон өлөбүз.
Кыйла балбан карыңар,
Кылча калбай бир жаның
Кыргын тийген эмедей
Кырылып кеткиле баарыңар!
Каны өлгөндө баары өлсүн,
Калбай чогуу кырылып,
Калган журттун баары өлсүн!
Кырышарың бу канкор
Тирүү жүрүп нетели?
Түбүбүз түгөл кырылып,
Түз болушуп кетели.
Түк калбастан урушуп,
Түгөнүшүп кетели.
Баатыр болсом, шер болсом
Ай-ааламды буй кылган
Баатыр Калча мен болсом,
Өрөпкүп келдим бурутка
Өз дүйнөм кантип чачалы
Өкүрөндөп бурутка
Кайсы бет менен качамын.
Добул тийбес Бээжинге
Токтобой кантип качалы,
Тогуз күн тынбай салышып,
Мен тоңкоюп өлүп жатамын.
Калың колун кырдырып,
Качты бурут дебейби,

www.bizdin.kg



Өз дүйнөсүн өрөпкүп,
Чачты бурут дебейби.
Артынан түшүп кубалап,
Кайра баштан кутургур
Калкына казат салбайбы.
Бээжиндин каны өлдү деп,
Алтын таажын кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Кабылан Бакай карыя
Кан көтөрө салбайбы!
Сексен атам өчү деп,
Андан кийин Бээжинден
Кап-кайда кегин албайбы!
Таштууну такыр сойбойбу.
Кандарды камап кырбайбы!
Күчтүүнү кармап сойбойбу,
Күчсүздү аман койбойбу.
Алтын түркүк Каканды
Түркүгүн сууруп албайбы.
Түп көтөрө дүмпүйтүп
Түгөл кырып салбайбы.
Тамды жыгып сулатып,
Талды кыркып уратып,
Талканды таза кылбайбы,
Талкалап журтту кырбайбы!
Бул кыргындын кордугун
Кырышып жатып өлөмүн.
Кырк жыл тынбай урушуп
Кырылышып көрөмүн.
Белести беттен ашпайбы,
Бек кыргын салбай бурутка
Бээжинди көздөй качпайлы,
Сен манжуу каны Эзкара
Ушундай жайнап эл болсо,
Улугум чочко сен болсоң,
Уйпаланган экемин,
Бышып жанып чок болуп,
Ээ, чочко куйкаланып өрт болуп,
Салмагы оор, чоң мүшкүл
Көргөнү келген экемин.
Картайганда кан Коңур
Мен өлгөнү келген экемин!»
Деп, ошентип, Коңурбай
Каарын салып какайып,
Калаймланды баштады,
Элди-журттун баарысын,
Эр Эзкара карысын
Кырып ие таштады.
Атаңдын көрү, Эзкара,
Акыл тантык, мээ чирик
Оңбой калган экенсиң,
Картайганда Эзкарам,
Сен, болбой калган экенсиң.
Тирүүлүктүн жөнүнөн
Өтүп калган экенсиң.
Өлүп кетчү сапарга
Эзкарам, жетип калган экенсиң.
Азыр адам түрүнөн
Эзкарам, кетип калган экенсиң.
Былчылдатып сөзүңдү
Элге келген экенсиң.
Тирүү десем санда жок
Эзкарам көргө кирген экенсиң.
Акылга дыйкан жан элең
Көкжалдыгың, шердигиң
Бир кишиче бар элең
Кырк кандын эли кытайды
Эзкарам, былкылдатбас жан элең.
Айза сунуп айкырган
Арыслан Калча мен элем,
Ажайыптан окуган
Акылманым сен элең.
Кынсыз кылыч байланып,
Кыйладан келдик айланып.
Атактанган чоң улук
Алыстан келдик тоорулуп,
Өрөпкүдүң Эзкара,
Сан колду кантип чачабыз?

www.bizdin.kg



Сан сакалың өрттөнүп,
Биз буруттан кантип качабыз?
Белбоосу бар кытайдын
Беренин жыйып алалы,
Бет алышып урушуп,
Беш жылы уруш салалы.
Берендин баарын кырдырып,
Тап-такыр болуп Каканга
Андан кийин баралы.
Бузулган экен көргөн түш.
Чын кеттиби биздин күч,
Кыргыздан кытай качат деп,
Кылымда барбы ушул иш?
Мындан кийин Эзкара
Күйгүзбөй тургун жанымды,
Каарым келип какайсам
Мен казыр тегем жиниңди.
Казыр бурут жаман деп,
Мен качайын дедим кимиңе?
Мээнет салдың түрүңө,
Бекер тийдиң жиниме.
Алышып жүрүп бурутка
Ал-абалым кетти деп,
Арзымды айттым кимиңе?
Тим турган жанды тим койбой,
Атаңдын көрү, Эзкара
Тиймек болдуң жиниме,
Качкын деп акыя үйрөттүмбү,
Калың кытай элиңе?
Бүгүн каарым келип какайсам,
Катылбай койбойм бириңе.
Качан үч жол качам деп,
Каяша бердим кимиңе,
Калк ыраазы болобу,
Эзкара сенин түрүңө.
Келжиректеп эл бузуп,
Эзкара эми тийдиң жиниме.
Казатка келип калдактап,
Шашкан адам оңобу?
Кара кыргыз буруттан,
Кайра тартып буруттан
Качкан адам болобу?
Ээ, калжырадың Эзкара,
Качайын дедим кимиңе
Казатка келип былжырап,
Сен казыр тийдиң жиниме.
Мен күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүнүн бири элем.
Мен күрсүлдөшүп урушпай,
далың колум чачкыдай
Калдалактап Каканга
Кара ат менен качкыдай,
Мен качан жаман бири элем?
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Мен Алөөкө кандын уулу элем.
Антаңдап качып бергидей,
Мен кайсы жерде калмак бири элем,
Алтын так минчүү зор кандын
Мен асылынын бири элем,
Айбатым катуу киши элем.
Азыр өлүм болсо да
Акылым кантип чачамын?
Алып бурут койду деп,
Алты капка Каканга
Антаңдап кантип качайын!
Кичинемден чоңоюп,
Он экиге келгиче
Каканчындын Бээжинге
Эл куйкалап чаң болдум
Он үчкө жашым чыкканда
Каканчынды кайтарып,
Керүүгө салган там болдум,
Келберсиген кайран жан
Кечилге мыкты кан болдум,
Кан болгону кайран жан
Калк ашпаган белди алдым,
Канча түркүм эрди алдым.
Атасы Манас көкжалды

www.bizdin.kg



Чоросу менен кыйраттым.
Чогуу журтун буй кылып,
Кыргыз элин ыйлаттым.
Бир жолу эмес, миң кылдым,
Көрсөң элге чыр кылдым,
Атагым оор жан болдум,
Дүбүртүмөн чаң чыккан
Каканга мындай кан болдум.
Кандыгым таштап кайран жан
Калкымды кантип чачамын,
Каарлуу бурут экен деп,
Кантип Какан качамын?
Качкандан көрө өлүм ак,
Кажылдаба кытай журт!
Ачуум келип айкырсам,
Кап-кайда жинди чакырсам,
Абийиримди ачамын!
Талкан кылып баарыңды,
Такыр союп карыңды
Минетип Бээжин качамын!
Кол жыйналып, эл келип
Кыргыз турмак кылымды
Каптап кетер сел келип,
Белести кантип ашасың
Беттешип кыргыз кырды деп,
Бетиң барбы, кытай журт,
Не бетиң менен качасың?
Каарданып какайсам,
Калайманды баштаймын.
Калжырасаң кытай журт
Калтырбай кырып таштаймын!
Ойлосоң боло, о кытай,
Күрдөлүү баш барында
Амызды кантип беребиз?
Кутурган бурут журт менен
Кулжуңдашып көрөбүз,
Кадырман бул баш барында
Калкымды кантип берейин!
Картайганда Коңурбай
Мен бир карпаңдашып көрөйүн.
Кыйла жыйган көп колун
Чачыптыр кытай дебейби,
Кыйрап такыр кан өлүп,
Качыптыр кытай дебейби,
Кылымды Кудай урбайбы,
Кытайды кыргыз куубайбы!
Калыктан кабар укпайбы,
Каарданса ал канкор
Так эле Каканга кууп тыкпайбы!
Күрмөлүүнү жыйбайбы,
Күн жаң-жуңдун алдына
Күрсүлдөгөн эр канкор
Күчтүүңдү жыйнап кырбайбы!
Бу Манастын уулу канкордун
Ала-Тоо баккан эли бар,
Атасынын кеги бар.
Канга тойбос калкы бар,
Кабылганды буй кылмак
Качантан бери салты бар.
Катуу кайрат, таш жүрөк
Качсаңар салат чоң дүмөк,
Так ушундай каркыбар.
Кабылганды кайсаган,
Кез болгонду кемирген,
Толкуп кетсең тозоку
Тоо бүлдүрүп жемирген,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн түгөл күчөгөн.
Түгөнгөн Манас тукуму –
Өлгөн сайын өөрчүгөн.
Чалышып чамаа келбеген,
Атасынан баласын
Чабышып Бээжин жеңбеген,
Атасы Манас мындай эр –
Сурап ичсе тойбогон,
Суғалагын койбогон.
Чыммачын тийсе колуна
Кыз олжолоп тойлогон.

www.bizdin.kg



Себилдүүсү сексен төрт,
Серпишкен жагы кызыл өрт.
Долу кыргыз журт ушул.
Калкымдын баарын кырдырып
Канчамды кызык кылдырып,
Бүтүнүмдү бүлдүрүп,
Булүктүү кыргыз эл ошол.
Күржүңдөшүп салышып,
Каканчыдан айдаган,
Атасы шерди жайлаган,
Акылга дыйкан эң мыктуу
Айла тапкыч эң ыктуу
Айкөл Калча мен ушул.
Ошентип баккан эл ушул.
Курган журтум не дейсиң?
Акылга дыйкан эң шумдук,
Улук жаштуу карыя
Улугу Бакай өлө элек,
Ошо Бакай кысталак
Кыямат жүзүн көрө элек.
Акылдан чогуу шашканда,
Калтаңдап куу журт качканда
Боз адырмак, күйгөн чөл
Таштап Бакай калбайбы?
Кытай жөнү мындай деп,
Кыйындарын кыргыздын
Таштап Бакай барбайбы!
Малды-башты буй кылып,
Баатыр канкор албайбы,
Күлчоро күйүт кылбайбы,
Ай жаң-жуң таштууну
Ал Бээжинге баштууну
Күлчоро чочко кырбайбы!
Кыжылдаган кытай журт,
Сен катылар жер кайда?
Күчөсө бурут бул журттан
Кутула турган ал барбы?
Биз качканда Бээжинди,
Буласын булап албайбы,
Бузукту бурут салбайбы!
Каканды камап калбайбы,
Калганыңды кутургур
Таш талкандай чалбайбы!
Таза жинди кылбайбы,
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын кырбайбы!
Күрмө кийген күчтүүгө
Өз билгенин кылбайбы,
Бул өрттөнгөн кыргыз журт
Бутканаңды бузбайбы,
Таштууңа талкан салбайбы,
Казынадан билди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Олжо кылып узду алып,
Ойдологон кызды алып,
Алтын так минген каныңа
Өрт күйгүзүп шаарыңа.
Өлтүрүп элиң чогултуп,
Өкүмүн тоодой кылбайбы!
Уйпаланган кутургур
Так ушинтип чырын кылбайбы!
Ата, кытай болбой жергегир!
Кабарга чыккан кан өлсүн,
Калк жыйылып, журт дүрбөп,
Калган жандын баары өлсүн!
Кырылсын кытай карысы,
Кыргын тийген немедей,
Кыйын бүлүк жаңжалда
Кыйрап кетсин баарысы.
Эсиң барбы оо, ботом,
Эрен калба, кан өлсүн.
Ушу болгон жаңжалды
Кез болгон жандын баары өлсүн!
Кылчайбай согуш абыдан,
Кызыл канга бөлөнүп,
Кыргын болуп калыңар,
Бастырып жаңжал салыңар!

www.bizdin.kg



Казат жайы ушундай,
Кыжылдашып качкыча
Кырылышып калыңар.
Адыр-күдүр урушуп,
Алты ата өчүн алыңар!»
Деп, ошентип Коңурбай,
Көпкөк жашыл кийинип,
Көрсөң түрү момундай,
Каарданып дүпүлдөп,
Калайыгын шаштырды,
Жаадай учкан Кара атын
Уйгу-туйгу бастырды,
Түмөндөгөн сан колду
Түгүн койбой шаштырып,
Манжуу каны Эзкара –
Эзкараны бакырып.
Бөлөк кытай балбанын
Камдангын деп чакырып.
Алтын боолуу чатырың,
Эр Коңурбай баатырың
А чатырдын түбүндө
Кан белгиси – кендеме,
Кенге орноткон кеңтондо
Келип жайлап эл турду.
Керней-сурнай тартылды,
Керикке жүктөр артылды,
Барабан үнү бапылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Сурнай үнү чыркырап,
Чоор үнү такылдап.
Журт чогулуп, чуу туруп,
Добулбас кулак тундурду.
Эл ээлигип турду эле,
Эл ээлигип турганда
Аламан салып кетчүдөй,
Эр ээлигин элеңдеп,
Айза, жаасын белендеп,
Алы калбай журт турду,
Аны мындай таштаңар,
Эми быяктан кабар баштаңар.

## КҮЛЧОРОНУН КОҢУРБАЙ МЕНЕН ЭЗКАРАНЫ АЛДАГАНЫ

Ээр белдей белестен
Эр карааны көрүнөт,
Айбаты бийик, заары күч,
Шер карааны көрүнөт.
Берүүчү Кудай кытайга
Берип салган көрүнөт.
Бек балбаны Күлчоро –
Шай колдогон шер Чоро,
Шамдагайы болжолсуз,
Жайдаңдаган эр Чоро,
Өзү кызыл, мойну узун
Телегейи тең Чоро,
Ай-ааламды буй кылган
Арта туутан эр Чоро.
Манастан калган Аколпок
Жетик тонун кийчүүдөй,
Жер жайнаган кытайга
Кол салчудай көрүнөт.
Жекеден кирип кол салып,
Жер майышып тийчүүдөй.
Эр желденип бөлүнүп,
Жалпы кытай чуу турду,
Анан калса Күлчоро
Жан алгычтай көрүнүп,
Ай караңгы түнүндөй,
Анан калса Күлчоро
Азирейил түрүндөй.
Жердин, суунун ээсиндей.
Ай-ааламды буй кылчу
Жетик дөөнүн бириндей.

www.bizdin.kg



Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскардай көрүнүп,
Эки өңүрү далдактап,
Туулгасын бастырып,
Башка тулпар Буурулду
Маңкандата бастырып,
Айры белес кайкаңга
Ашпай-шашпай Күлчоро
Дөңкөндөгөн Буурулдун
Тартып оозун бурду эле,
Калың кытай Коңурбай
Аң-таң калып турду эле.
Бил териси добулбас
Күлчоронун жанында,
Жоондугу уч кулач,
Өзү билдин териси.
Чаап ийсе каранды
Бузуп кетет дүңгүрөп,
Жөн эле жер жүзүнүн керүүсүн.
Каканда чабат балбаны,
Карап турган душмандын
Жөн эле чыгат далдалы.
Кумга тууп, ташта өскөн
Кутургурдун Буурулу
Куп душманды көргөндө
Оң кулагын жапырып,
Кара жердин кыртышын
Булкуп көккө сапырып,
Туяк тийсе кара жер
Туш-тушунан казылып.
Жер тумандап чаң болуп,
Асманды көздөй чачылып.
Кара болот ооздугун
Көмөкөйгө каккылап,
Тал жибектей куйругун
Чаткаякка чапкылап.
Меңкүп, ыргып түйүлүп,
Тулпар сыны билинип.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көкжал сынын сурасаң
Манас канча көрүнүп.
Көрүп турган кытайдын
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Жетиктүүнүн түнүбү,
Жеп ийүүчүнүн бириби?
Аң-таң калып кытай журт
Жекеге келген эренби
Жана жекеге чыгып барганда
Узунунан салуучу,
Балбанды терип алуучу,
Кара саат түгөттөн
Кимдер тирүү калуучу.
Кадимкинин бири деп,
Кармашка чыкса жеди деп,
Жамандын баарын койду деп,
Жакшынын баарын кыйратып,
Бул өрттөнгүр сойду деп,
Барааны мыкты жолборстой,
Барган жан аман болбостой,
Каттап адам барабы,
Кармашкан тирүү калабы?!
Сыягы белек, заары күч,
Катылганды кылат түз.
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Өктөсү калып жекеге
Жана чыккан кези экен.
Айбатын ачуу баштаган,
Алыша кеткен адамды
Арысландай жерге жанчтаган.
Берен да экен, шер да экен,
Беттегенди берт кылган
Бу кылганы эп экен».
Деп, ошентип көп кытай
Шыбырашып сүйлөшүп,
Шыңкылдаша калышып,
Чородон коркуп кытай журт
Төбө чачы сүксөйүп
Кежиге чачы үксөйүп,

www.bizdin.kg



Келип кытай турду эле.
Ал, калк ичинде Коңурбай –
Каарлуу Калча бакырды,
Эзкараны чакырды:
Айзакерден Эзкара
Ыктуулугуң бар эле,
Айла билбес жаандан
Айла билгич Эзкара
Мыктуулугуң бар эле.
Телегейиң тең эле,
Атка сынчы, эр билгич,
Артык туучан сен элең.
Жекеге чыгып барып кел,
Эрен бекен, шер бекен,
Эптеп сынап алып кел.
Деп ошентип Коңурбай
Кокусунан кол салса,
Белести беттеп ашып бер,
Бери карай качып бер.
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Адам болуп жаралган,
Баркы кандай болду эле,
Чамасы мыктуу мунуңдун
Чаркы кандай болду экен?
Эзкара барып билип кел,
Эгерде саа катылса
Ээленишип жетели,
Кыйкырып кытай кол салып,
Аламан салып кетели.
Айгайды арбын саларбыз,
Азап менен ажалдан
Ажыратып каларбыз.
Эрдик менен шердигин
Бул эрдигин билели.
Эзкара берен барып кел,
Бул эренден кабар алып кел,
Кызыл болот кынап кел,
Эрдиги канча сынап кел!
Көзү ачык элең, шер да элең
Көбүрөөк сынчы эр элең,
Көкжал бара койгун» – деп.
Эзкараны шайлады.
Манжуу каны Эзкара
Жекеге чыкты барганга.
Ок жетпесин мингизип
Ок өтпөсүн кийгизип,
Каалап чыкты караны,
Кааласа барбай калабы?
Карабжысын салынып
Кара болот шайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кырылыша кетчүдөй,
Атыш жакка шайланып.
Ал Эзкара камданып,
Каарлуу кылыч баштады.
Калың кытай чуу туруп,
«Кайран Эзкара кантет?» – деп,
Жанынан кечип таштады.
Эзкара чыкты камынып,
Жекеге келген Чорого,
Жетип барса ошого,
Күлчоро жайы момундай:
Буурул атын булкунтуп,
Ээликтирип каранды,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Турган экен Күлчоро,
Маңдайына караса,
Баатырлык сыны көрүнөт,
Кыр-кырынан карасаң,
Кыйындык сыны көрүнөт.
Баатырлыгы, шердиги,
Баарынан мыкты эрдиги,
Манас канча көрүнөт,
Оң далысы кең экен,
Ойротто жок шер экен.
Эрендерди кыйратып,
Жок кылганы эп экен.
Өзөндөн күйгөн чок экен,

www.bizdin.kg



Ай-ааламда жок экен,
Мендеден бөлөк неме экен,
Мендеден чыккан шер экен.
Каарланса бир кызык
Кылчу сыны бар экен.
Ай-ааламды буй кылып
Кырчу сыны бар экен.
Жасалган болот ок экен,
Ай-ааламда жок экен.
Кылынган болот ок экен.
Кыргыз турмак кылымда
Мындай неме жок экен.
Ак маралды кубалап,
Буй кылчу сыны бар экен.
Ай-ааламды токмоктоп,
Уй кылчу сыны бар экен,
Көк маралды кубалап,
Уй кылчу сыны бар экен.
Көрүнгөндү талкалап,
Буй кылчу сыны бар экен.
Билеги жоон,таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек.
Комокойлуу сыр найза
Коржойтуп алыс аштаган,
Козголуп түмөн жоо чыкса,
Коркуп колтук ачпаган,
Койгулаша кеткенде,
Так эле коёндой жерге жанчтаган.
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каар бетине айланган.
Чылгый болот тон кийип,
Чындап илек жоо чыкса,
Чымырканып бир тийген.
Душман кырган балбандай,
Эл бийлеген зардалдай,
Ааламды бузган балбандай,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүндөй уул экен,
Ай-ааламдын коргону
Бир өзүндөй уул экен.
Оролмо-Тоонун оркогу
Урчугундай уул экен.
Он эки тоонун урунуш,
Сексен дайра куюлуш,
Бүткөнүндөй уул экен.
Темирден болот чеп экен,
Кытайга кыргын салганы
Көкжалдыгы эп экен.
Көрдүк эле Коңурбай
Далай кордук, талашты,
Кабылан көкжал Манасты.
Баарысы балбан, дөө да экен,
Баарысынан бу чиркин
Башкача кыраан эр экен.
Белсенгенде каранга
Менде жакын келгисиз,
Токмоктосо токсон күн
Тозокуну жеңгисиз.
Кайсаганы камандай,
Кармашып киши келгисиз.
Кагышып сан кол келгисиз.
Кеңирек маңдай, ак жолтой
Келбетин көрсөм сан колдой.
Кармашкан качып кетеби,
Карасаат балага
Каптап кирсин көп кытай.
Бир күн эмес, балага
Миң күндө алы жетеби?
Колу шумдук, өзү өрт
Олдоксону бар экен.
Шимирсе канга тойбогон
Соргок сыны бар экен.
Кагышканды талкалап,
Ойчу сыны бар экен.
Каптаганды соо койбой,
Сойчу сыны бар экен.
Канды суудай шимирип,

www.bizdin.kg



Тойчу сыны бар экен.
Беттеген назар салбаган,
Бет алышкан адамдан
Укурук кайрар калбаган.
Телегейи тең экен,
Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең экен.
Шай колдогон шер экен,
Кызара күйгөн өрт экен.
Кыргыздан чыккан бу бала
Ачуулуң азар салбаптыр,
Ай-ааламда чиркинге
Укурук кайрар калбаптыр.
Капчал бузуп жол салчу
Илек жоого кол салчу
Кең көкүрөк, жайык төш,
Алакан тайпак, кол ачык
Аябаган шер экен.
Ай-ааламды буй кылчу
Бир туулган эр экен.
Кыргызга темир чеп экен.
Кытайга кыргын салганы,
Эр Чаңдыаяк, Жезбилек
Алгандыгы эп экен.
Ааламдан мындай эр болбойт,
Беттеп менде келгисиз,
Карасаат жолтойду
Коңурбай эмес, козголуп
Кырк кандын эли кытай журт
Каптап кирсе жеңгисиз.
Менде бейпай салгысыз,
Бет алып менде алгысыз,
Менде чыдап баргысыз.
Бейпайласа мендени
Алуучу сыны бар экен.
Ажыдаардай лоп тартып,
Жутчу сыны бар экен.
Бадырайган байкуш көз
Ойчу сыны бар экен.
Илектеп түмөн жоо келсе,
Берисин тирүү түк койбой,
Сойчу сыны бар экен.
Кабылганды какшаткан,
Кезиккенди кемирген,
Ааламда мындай болобу,
Муну мындай деген оңобу?
Кулак угуп, көз көргөн
Мендеден мындай болобу,
Кызыкты чогуу кылгыдай.
Кыймылдаса кызталак
Кылымдын баарын кыргыдай.
Кагышка келсе Калчаны,
Калча түгүл канчаны,
Кызыл-ала кылгыдай,
Кез келгенди сойгудай.
Кабылгандын этине
Жөн эле кармап канга тойгудай,
Кезиккенди көргүдөй,
Кез болгондун жазасын –
Жөн эле жазасын колго бергидей.
Каарланса кара жер
Каңтарылып кеткидей,
Түз качырса тим эле
Түпкө чогуу жеткидей.
Өңү кызыл, өзү зор
Каруусу мындай капыр жок,
Кагышкан адам оң болбос,
Мендеден мындай капыр жок.
Ай-ааламды кыдырып,
Мен көрбөгөн жер калбай.
Аалам журтту кыдырдым
Мен көрбөгөн шер калбай.
Төшү түктүү теңселген,
Жерден мындай көрбөдүм,
Жумуру баштуу көп адам,
Элден мындай көрбөдүм!»
Көрүп алып Эзкара
Акылынан шашты эми.

www.bizdin.kg



Анталандап чу коюп,
Кайра тартып дыр коюп,
Калкына кире качты эми.
Калк ичинде Калчага
Кайрап турду Эзкара,
Калк алдында какылдап
Сайрап турду Эзкара.
Мендеде жок шерлигин,
Айтып берди ааламга
Күлчоронун эрдигин,
«Каным, кең көкүрөк, чалкар төш
Келберсиген шер келди,
Ай-ааламды буй кылган
Аябаган эр келди,
Кызара күйгөн чок экен,
Кылымда мындай жок экен,
Кыргыз, кытай чогулуп.
Өйүз-бүйүз конбоду,
Кызыталак Күлчоро
Кыйын экен байкасам,
Биздин кытай жолу болбоду.
Кадууга бүткөн бешик жок,
Ушу кытай болбогон,
Журттай биздин элде кешик жок.
Жылма калган бул бала
Эрен да экен, шер да экен,
Эбегейсиз эр экен.
Айкырганда айзасын
Сунчу түрү бар экен.
Ай-ааламдын баарысын
Кырчу түрү бар экен.
Илгерки өткөн дөөлөрдөн
Эр Мамытбек, Мадыкан
Эр экен деп жүрчү элек
Ал экөөнөн бул Чоро
Телегейи тең экен.
Беттегенди мерт кылган
Мендеден чыккан эр экен.
Сынын сынап баштадым,
Сынын көрүп жөн эле
Жандан кечип таштадым.
Жандан кечкен себебим –
Белгилүү да экен, бел да экен.
Менде уулунан бир ашык
Жаратылган эр экен.
Качырганда кайсаңдап,
Көз ачкыча жеткидей.
Көзү көргөндүн баарысын
Жетсе кырып кеткидей.
Бек жеткилең шер экен.
Мендеден артык эр экен,
Алсыз кылып адамды
Алда таала кудурет
Не кыйла мендем деди экен».
Деп, ошентип Эзкара,
Күлчоронун борумун,
Көрүп келген сонунун,
Көкжал айтып тургуча,
Айтып оозун жыйгыча,
Калың кытай, кырк кан эл
Катуу үркүтүп шаштырып,
Астындагы Буурулду
Алчаңдата бастырып,
Катуу каар салганы,
Кадимкидей кенебей,
Жайдаңдаган шер чоро,
Төрөгө келип калганы.
Эр Коңурбай төрөгө
Бел байлаган белине,
Көй төрөнүн баарысы
Чогулушкан жерине.
Калың колду шаштырып,
Алчаңдатып Буурулун
Колду көздөй бастырып,
Күлчоро келип калганы.
Эр Күлчоро баатырың
Алдыңкы ээрдин албайтып,
Үстүңкү ээрдин калбайтып,

www.bizdin.kg



Коңтөрөнүн алдына
Берен чоро барганы.
Коңурбайга барганда
Таштуунун баары бүгүлүп,
Алты миң кытай, сан калдай,
Ак сакалы Коңурбай,
Баары дүрбөп жүгүрүп.
Шамдагайы болжолсуз,
Шапылдаган шер чоро –
Эбегейсиз эр Чоро,
Карааны төөдөй шер Чоро,
Капыр менен мусулман
Арага жүрчү шер Чоро,
Айзакерден Чоронун
Ыктуулугу дагы чын,
Арсыландай бу кулдун
Мыктуу экени дагы чын.
Телегейи тептегиз,
Кең экени дагы чын.
Жоонун айласын билген эң мыктуу
Эр экени дагы чын.
Жайдандаган шер Чоро
Барып алып Күлчоро,
Сандаган колун аралап,
Көй төрөсүн мааналап,
Көкжал Чоро жетти эле,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Коңурбайдын алдына
Күлчоро кепти кылды эле:
Оо, ботом, ат арытып, жер чалып,
Буудандарым аманбы?
Түп атабыз Чылаба,
Сен да кандын баласы,
Мен да кандын баласы,
Туугандарым аманбы?
Жерим деп жүрдүм Дыңшаны,
Кутуруп өлгөн бурутка
Денекул болдум мынчалык.
Урушка чыгып быйыл мен
Ушунчадан кеп уктум,
Уругуң кытай деп уктум,
Киндик кесип, кир жууган
Журтум кытай деп уктум.
Белдүү жерим Каканчын
Белим экен деп уктум,
Кырк уруу кытай кыйла журт,
Элим экен деп уктум.
Кыргызда жүрүп кул болсом,
Бу кан экен деп уктум.
Алөөкө кан, Азизкан
Ушул экөө бир тууган,
Ага-ининин баласы,
Алөөкөнүн Коңурбай
Агам экен деп уктум.
Менин атам Алмамбет
Талаа жол менен желиптир
Талак кылып буттарын
Таштап кытай журттарын,
Каканга таштап жыйганын,
Качып барып бурутка
Башынан бузук журт экен,
Кошулган экен деп уктум.
Бурутка барып турганын,
Бурутка барып кул болгон
Бу Кудайдын кылганын.
Кууну кушка жегизип,
Курган атам эселек
Бурутка барып туулуп,
Денекул мени дегизип,
Буруттан качып Коң төрө,
Адалга бурдум бейлимди.
Азыр таптым курган жан,
Топон суу толкуп кирбеген
Толгон кытай элимди.
Биле электе жоо чапкан,
Мен билгенден кийин эл таптым.
Келгендерден көп угуп,
Уругум кытай деп уктум.

www.bizdin.kg



Какандан тентип атасын
Келген экен деп угуп,
Жаш күнүндө бурутка
Олжо кылып, кул кылып,
Берген экен деп угуп.
Кытайлыгым билгенде
Көңүлүм кетип бөлүнүп,
Көзүмүн жашы төгүлүп.
Сай-сөөгүм зыркырап,
Чымындай жаным чыркырап,
Туура кайнап биздин кан,
Тутамга келбей биздин жан.
Калыс экен деп угуп,
Кан Бакайга барышып,
Кан Бакайдан кеп угуп,
Атаң Алмамбет кытай деп угуп,
Көңүлүм канча тарынды.
Бөлөйүн деп ой кылдым,
Тирүү жүрбөй жөн эле
Өлөйүн деп ой кылдым.
Кабырга сөөгүм сөгүлдү,
Көзүмдүн жашы төгүлдү,
Айлансам болот Кудайга,
Тууганым көзгө көрүндү.
Чоро болуп чоңойдум,
Манастын уулу канкорго,
Ааламды бузган анткорго.
Кылымды чалсам чалбады,
Кызыталак бурутка
Менин кытайлыгым калбады.
Канчасын чалсам чалбады,
Менин калмактыгым калбады.
Же ардыктан Кудай албады,
Ат арытып, жер чалып,
Буудан издеп келемин,
Талак кылып кыргызды,
Таамай журтум, кебимди ук
Тууган издеп келемин.
Суктанса бербес Аколпок
Суратпай кийип алдым деп,
Жалынса бербес Буурулга
Суук укурук салдым деп,
Атын алып сыр кылып,
Манастын көкжал уулуна
Как ошондой чыр кылып,
Каарды катуу баштадым,
Манастын уулу капырды
Айры белес, ач кайкаң
Так ошо жерге таштадым.
Мен Каканчын, Бээжинди
Жер экен деп билгемин,
Алөөкөнүн Коңурбай
Сени мен эр экен деп келгемин.
Чоң-Каканчын, Кең-Дыңша
Жериң эсен жатабы?
Сейилдикке салдырган
Кызык кырчын кырка тал
Тагың аман жатабы?
Чылк алтындан көтөргөн
Талың аман жатабы?
Чынмачынга ээ болгон
Каның эсен жатабы?
Алтын казып отурган
Кениңиз эсен жатабы?
Башкы жагың Бакбурчун
Жериң эсен жатабы?
Кырк уруу манжуу, көп кытай
Элиң эсен жатабы?
Эл атасы Коңурбай
Бегиң эсен жатабы?
Атагын уктум Дыңшанын,
Азыр көрдүм мынчаны.
Кайкалаган Кара-Тоо
Кара чайдын кени дейт,
Калың кытай, түмөн кол
Коңурбайдын эли дейт,
Элиң эсен жатабы?
Капкалуу Бээжин мунарык

www.bizdin.kg



Шаарың эсен жатабы?
Калың какан улуу журт
Элиң эсен жатабы?
Улап уктум дайныңды,
Угуп келдим өзүңдү,
Улугум Калча абаке,
Азыр көрдүм көзүңдү.
Мунарыктап бурчтанган,
Булуң тартып урчтанган
Кичи-Бээжин, Чоң-Бээжин
Жериң эсен жатабы?
Атагы кан, көп кытай
Элиң эсен жатабы?
Колодон кылган чоң буркан
Козголуп журтуң табылган
Теңир бу деп табынган
Бутуңуз аман жатабы?
Кайнап турган Зуу кудук –
Кутуңуз аман жатабы?
Куралдуу кытай, көп калдай
Журтуң аман жатабы?
Топон суу толкуп жетпеген
Тобуңуз аман жатабы?
Нур төгүлгөн калкыңа
Чогууң эсен жатабы?
Калк ичинде зор Калча
Чоңубуз эсен жатабы?
Кытайга бурдум бейлимди,
Таштадым кытай элимди.
Көрсөк кандын уулу экен,
Көрөйүн дедим өзүңдү.
Ажал жетсе өлүүгө
Өзүңүзгө Коң төрө
Караан болуп берүүгө.
Жети атам өткөн тууганга
Кыргыздан качтым мен кыраан.
Кытайга бурдум бейлимди,
Азыр көрдүм бу жерден
Абакем Калча керимди!
Жерге бүткөн эр абам,
Азыр көрдүм шеримди,
Жободон келдим алдыңа.
Коң төрө, жолдош кылып алыңыз!
Бая жоголгон кулдун бири деп,
Көп ишенбей турсаңыз,
Мынакей башты алыңыз!
Каарланып какайсаң,
Калың элди жыйыңыз,
Кыргыздан келген кул десең,
Мынакей журтуң жыйыңыз,
Кылычтап жанды кыйыңыз!
Ишенбей турсаң Коңтөрө –
Кылымды билген чоң төрө
Кыргыздан келген бир кул деп,
Кыргыздын куну бир кул деп,
Кыйратып башты жарыңыз.
Кымбатың маа ишенсең
Кыйрыңа кабар салыңыз,
Талкалап башты жарыңыз.
Жок, кымбаттуу келди десеңиз
Жолдош кылып алыңыз!
Таамайлап уксаң сөзүмдү,
Кан аба, жолдош кылсаң өзүмдү,
Көк күбөң берчи киейин,
Алгара берсең минейин.
Ала-Тоолук кыргызды
Айдап, жанчып токмоктоп,
Жерин көздөй сүрөйүн,
Желиктирип баарысын
Жер үстүнөн сүрөйүн.
Кымбаттуу Бакай карысын,
Кыргын тийген эмедей,
Кызык кылып баарысын,
Жаккан отун өчүрүп,
Жан-жабылта көчүртүп,
Боз ала туусун жыгайын,
Жер-жерге айдап тыгайын.
Кызыталак кыргыздын

www.bizdin.kg



Кыйындыгын көрөйүн,
Кыз-келинин чуулатып,
Астыңызга кан абам,
Олжо кылып берейин.
Колуң менен жасаган
Колоңуз кылдай чын экен.
Кокуй, аба, көрөйүн,
Токтотпой аба, берисун.
Тооп кылып берейин!
Астыңызга Буурул ат
Өңдүү мал тартуу
Бурканыңа Күлчоро
Өңдүү жан тартуу.
Бек абам, берчи бурканың,
Кызыталак кыргызды
Талак кылып таштайын,
Быйыл жаңыдан Кудай таптым деп,
Буркандын жолун баштайын.
Бурканың аба, чын болсо
Тооп кыла баштайын!»
Деп, ошентип Күлчоро,
Каканчыңдын канынан
Бурканын сурап кайран эр.
Бүткүл дөөнүн баарына
Кан Коңурбай чоң төрө
Каарланып бакырып,
Калк ичинен кутургур
Ыламаны чакырып.
Ыламасы келди эле,
Колу менен жараткан
Колодон кылган бурканын
Коң төрөгө берди эле.
Калк бүлдүргөн канаты
Бурканын Кудай дей берген
Бул кытайдын адаты
Бурканын Калча алганы:
Ушу колодон кылган зор буркан –
Бу козголбогон зор буркан.
Жел тийбеген тамыбыз,
Агарып аткан таңыбыз,
Буркан биздин каныбыз.
Бул айтканың чын болсо,
Козголбогон Кудайга
Кулагыңды салыңыз.
Кыргызча ырым таштаңыз,
Мына, кытайдын жолун баштаңыз,
Тууганым деп күтпөсөм,
Туура буркан мени урсун!
Турбай арам ойлонсоң,
Туура Чоро сени урсун!
Азыр сени күтпөсөм,
Каканчындын баары урсун!
Кары кандын тагы урсун.
Бул айтканың чын болсо,
Жалган эмес тың болсо,
Тартып минип бууданды
Таалайга бүткөн Күлчором,
Издептирсиң тууганды.
Жаратылган дүйнөдө
Бээжин өңдүү жер барбы,
Топон суу толкуп кирбеген
Биздин кытай өңдүү эл барбы!
Берен чором келди деп,
Мээнетим Кудай берди деп,
Бээжинге кабар саламын,
Бээжиндин чынар багына,
Бак ичинде тагында
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Кырк кандын эли кытайды
Эки чылбыр, бир тизги
Кулунум сага билгизип,
Калкка кабар салбасам,
Калк ичине өзүңдү,
Кан көтөрүп калбасам,
Как сакалым кыйылсын,
Эң бир кызык Бээжинге,
Бээжинде кытай элине

www.bizdin.kg



Улунтуңга, Дыңшага
Кан бол балам мынчага.
О, ботом, ушул сөзүң чын болсо,
Калкына кабар салайын
Бакбурчун атайт Бээжин бар,
Бакбурчунду жердеген,
Өнөгүн жанга бербеген
Так эле жети санча элим бар,
Салмагың артык жан кылам,
Сазаңшаң менен Бакбурчун
Балам, сени бул экөөнө кан кылам.
Ушинтип уктум сөзүңдү,
Күлчоро, улук кылам өзүңдү,
Кааладым уктум сөзүңдү,
Балам, кан көтөрөм өзүңдү.
Душман жакка даярлап,
Чокмор кылып алайын.
Балам, чуулдаган кытайга
Бул айтканың чын болсо,
Күлчоро, сени кочкор кылып
алайын.
Балам, экөөмдү коюп бирөөмдү ал,
Балам, өгөөмдү таштап, бүлөөмдү ал,
Кыйрымды таштап, айлымды ал,
Баламды таштап зайбымды ал.
Быйыл кубаныч көрдүм турганга
Куп ыраазы болоюн
Ушул Күлчоро өңдүү тууганга.
Эмнемди берип жеткизем,
Ушул тууганым келип турганга.
Жылкыдан саяң берейин
Куйругу суйдаң, жалы аз
Кулан көрсө куткарбас,
Алгара тулпар малымды ал.
Аздык кылса бул сыйым
Алтын капка шаарымды ал.
Арзыбай турсаң кулунум,
Азыр кыйып жиберип,
Көөкөргө куюп канымды ал!
Тартуу кылдым талкалап,
Тайбуурул өңдүү бууданга,
Берен Чоро тууганга.
Арман менде калган жок,
Бүгүн тууганым келип турганга».
Бек сүйүнүп Коңурбай,
Ата, көлпөндөгөн доңуз ай!
Капырай, каарын салып бакырып,
Ашмачысын кел деди.
Ашмачысы келгенде,
Тур, ашмачым, тургун деп,
Жоо ичкенден бар бекен
Бу балага куйгун деп.
Ичи күмүш, оозу алтын
Эр Калчанын чоң күпсөр
Ашмачы чуркап куйду эле,
Эки-үч каркыт арактан,
Эң кубанып эр Калча
Күпүлдөтүп урду эле.
Абаңдын берген ашы деп,
Балам, келдешкендин башы деп,
Күлчорого сунду эле,
Шай колдогон шер Чоро
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган эр чоро.
Таштан кайра тартпаган,
Артык тууган бу кыраан
Ажалдан кайра кайтпаган.
Сүйлөгөнү чеки эмес,
Айткан сөзү эки эмес,
Ажал менен азапка
Тиктеп туруп барышкан,
Алты түмөн жоо келсе,
Жалгыз чыккан жарыштан.
Кебине кулак салыңыз,
Эр Күлчоро көкжалдан
Кызык угуп алыңыз.
Эрлик тууган шыктуу кул –
Эң эле көкжал ыктуу кул.

www.bizdin.kg



Ай-ааламды буй кылган
Аябаган мыктуу кул.
Жарактуу чечен Чоронун
Даңгылдыгы дагы чын,
Жоо алдоого Чоронун
Камбылдыгы дагы чын.
Кулүстөн туураан Күлчоро –
Көйкашка тууган шер чоро.
Ай-ааламды буй кылган
Көкжалдыгы көрүнөө,
Көрсөң мындай эр Чоро.
Айза кармап айкырса,
Алты миң жоону жайлаган.
Берендиги белгилүү
Бет алса жанды алдаган,
Алдатпай душман калбаган.
Кыргыздын болот короосу
Семетейдин Чоросу.
Алакең хандын эрени,
Семетейдин берени.
Кан Калчаны көргөндө
Акырын сүйлөп, жай таштап,
А Калчанын башына
Билсең мынча шор баштап.
Кутургур жайы ушундай –
Адамзат минтип өтөбү.
Кайраттуусу, шердиги,
Даңгыл чечен эрдиги,
Жоо алдоого даңгылы,
Кеп сүйлөөргө камбылы
Күлчорого жетеби?
Жазы жаак Чоронун
Жалпак тилдүү эр чечен
Жаа ааламды байкасаң
Күлчородой болобу?
Сыр билгенсип кытайдын
Сырын айтып сырттаның
Сырдаш болуп турду эле,
Алөөкөнүн Калчага
Баатыр тууган Күлчоро
Эзилишип жөн эле
Тууган болуп турду эле,
Мына ошондо Коңурбай
Ичи жаман эзилип
Күңгүрөдү эр Калча:
«Тууганым Чоро кезигип,
Улуңтуура Бээжинге
Кабар салам тууганым
Так кырк кандын элине
Сакалым куудай агында,
Сапарым чукул чагында,
Бул Күлчором келген соң,
Тууганды көзүм көргөн соң,
Жүрөк кайнап, ич бышып,
Шерди бүгүн тапкан соң,
Карааны бийик, өзү зор,
Эрди быйыл тапкан соң,
Айлансам болот Кудайга
Кең Бакбурчун, Дыңшага,
Кеңеш салам мынчага
Абакем үйдө жаткын деп,
Мен көкжал Калча абаңды
Бир тынчытып салыңыз,
Эки тизгин, бир чылбыр
Кырк кан эли кытайдын
Убалы, сообу болбосун
Милдетин өзүң алыңыз.
Баатыр, шер болуп жаралдык
Түпкү атабыз түгөл кан,
Чылабадан таралдык.
Чылаба кан, Чынмачын кан
Чын атабыз ушулар,
Ушулардан таралып,
Билек бирге, кан бирге,
Бир атанын уулу элек
Жакшы келдиң жан бирге.
Көргөн да ушу бурутка
Көй төрөнүн тукуму

www.bizdin.kg



Качып жүргөн оңобу,
Өз тууганы менен касташкан
Ошонткени менен оңобу?
Чеги Кап-Тоо чоң жери бар,
Андан берки калыкта
Маңгүбө, Дыңша чоң эл бар.
Сазаңшаң деп бир уруу
Адамы көп дыйкан бар.
Абайласаң Күлчоро,
Аңдасаң журтуң мынча бар,
Алтын казчуу кениң бар,
Атадан калган, кулунум,
Чай алуучу кениң бар,
Кара курттай кайнаган,
Кабылганды жайлаган
Мынчалык кытай элиң бар.
Бээжин да мына, жер мына
Келипсиң кытай эл мына.
Аба кылып бир тутсаң
Кайран Калча эр мына!» –
Деп, ошентип, Коңурбай
Кытайдан атаң барганы,
Балам, кыргызга түшүп калганы.
Кыргыз болуп дин күтүп,
Тил бузулуп калгандыр.
Кытайдан ооп кыргызга
Түр бузулуп калгандыр.
Ыраазымын Күлчоро,
Тууганды тапкан бейлиңе,
Келипсиң кытай элиңе.
Каканды каалап жерим деп,
Кытайды каалап элим деп,
Келип калган тууганга,
Көрүнгөн мендей балага
Кайран Калча абаңдын,
Калың кытай кырк кан эл
Чоро саа садага!
Чоро буйрук сөзүмө,
Кыргыздан келген эр чиркин
Мураа бол менин өзүмө,
Кумарландым сөзүңө.
Эй, куруп калган Күлчором,
Ата болом өзүңө.
Канзааданын баласы
Качып жүрөр жөн барбы,
Каран күн Чоро, эл кайда?
Бекзааданын жалгызы
Безип жүрөр жөн барбы,
Эй, бейтаалай балам, эл кайда?
Балам көрүп чынар багыңды,
Минип ал алтын тагыңды.
Ээлеп ал Эсен каныңды,
Ээ канга ылайык Күлчором
Бейлеп көрдүм түрүңдү,
Бек тыңшап уктум сөзүңдү.
Билдим сенин өзүңдү,
Тууганым жаңыдан көрдүм көзүңдү
Кырк кандын эли кытайда
Биздин чоң молдобуз Ылама
Ал Ылама колунда
Колодон кылган чоң буркан
Козголгон кытай чыны ошол
Ал буркан жайын сурасаң –
Биздин журттун бири ошол.
Албан түрлүү буркандын
Аса байлайт Ылама
Арбуурулуң токунгун,
Кыргыз болсоң Күлчоро
Уят болор мунуңуз.
Ал бурканга Күлчоро
Таазим кылып бериңиз.
Бурканга таажым кылбасаң
Балам, уят болот мунуңуз.
Сөзгө кулак салыңыз,
Кыргыздыкты таштаңыз,
Кытайча ырым баштаңыз.
Биздин кытай момундай –
Кырчоону кылдан эштирбейт

www.bizdin.kg



Кыйын ырым ушу деп,
Бүтүн жерди кестирбейт.
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Тууганым, Чоро, сен болсоң
Айткан тилди алыңыз,
Кырк уруу кытай ушул эл
Балам, таазим кыла салыңыз.
Чын Кудай ушу экен деп,
Куранды колго алыңыз.
Токтолбостон Күлчором,
Толуп жаткан көп кытай
Ишендире салыңыз!»
Деп, ошондой деген соң,
Эзкара кан, Коңурбай
Эрлик жайын билүүгө,
Колу менен жасаган
Колодон кылган чоң буркан
Кытайлар теңгир деп коет
Аябаган зор буркан.
Балбандары жабылып,
Коң төрөнүн алдына
Ылама алып жетти эле,
Таазим кылып көп кытай
Ал бурканды көргөндө
Тизелери бүгүлүп,
Коңурбай баштап бурканга
Келиндердей жүгүндү.
«Ай, теңир!» деп чуу туруп,
Калың кытай Каканчы
Колодон кылган жез буркан
Кудайым деп билгизип,
Кол-аягын тийгизип,
Коңгуроо белге урушуп,
Таазим кылып турушуп,
Коң төрө минтип турганда
Эси-көөнү чоронун
Эптеп алдап алууда.
Алөөкөнүн Коңурбай
Айласы кетсе манжууну
Чалкасынан салууда.
Атасын сойгон Калчадан
Капкайда кегин алууга,
Тооп кылган бурканга
Көрүп турат Күлчоро
Калчаны алдап алууга.
Көй төрөгө көкжал эр
Бир калайман салууда.
Көрүп туруп Күлчоро
Ыкыс берип желигип
Өлүп турат Күлчоро
Шамдагайы болжолсуз
Көп төрөнүн колунан
Таажым кылган бурканды
Шапа-шупа шап кармап,
Колоктогон манжуунун
Колунан жулуп калды эле,
Ала коюп шер чоро:
«Көрдүм бүгүн, кан абам,
Калк сыйынган бириңди.
Каалаймын кытай дининди,
Сурадым буркан бириңди.
Колуң менен жасаган
Колоңуз Кудай бул экен,
Белгилериң киши экен.
Муну Кудай дебестен,
Безип жүрдүк кыргызда
Кудайдын кылган иши экен.
Бутуң менен жараткан
Бурканың Кудай турбайбы.
Жок немени Кудай дейт,
Кысталак бурут оңобу,
Ошо жок неме Кудай болобу?
Чын Кудайың ушу экен,
Качып жүрүп элимен,
Каңгырып жүрүп жеримен
Капыя калган экенмин.
Көз ачканда бурутту,
Ошо бурут куу журтту

www.bizdin.kg



Көрүп калган экемин.
Тирүү жүрбөй тим эле
Өлүп калган экемин.
Жок эмесин «Кудай» деп,
Кокуй болгон экемин.
Бар Кудайды чын көрбөй,
Сокур болгон экемин!»
Күрмө кийген күчтүүдөн
Күркүрөгөн Күлчоро
Бурканын сууруп алды эле.
Кытайларга билгизбейт,
Кызыталак бурканды
Чын төшүнө тийгизбейт.
Эр капасын жойгулап,
Амалкөйү болжолсуз
Кийин кармап бурканын
Өзүнүн төшүн эр Чоро
Бармак менен койгулап:
«Бу Чынмачындан Бээжинден
Чындап качып жүргөнүм
Кудайдын кылган иши экен,
Менин чын бурканым ушу экен.
Ич этимден ок өтпөс
Кийбей калган экемин,
Колодон калган бурканды
Баштатадан кызталак
Билбей калган экемин».
Деп, ошентип, Күлчоро
Бир койгондо миң коет.
Кытайдыгын билгизет,
Колодон кылган бурканды
Төш-төшүнө тийгизет.
Кан Коңурбай, Эзкара
Карап туруп бурканды
Чын ишенип Чорого:
«Атаңдын көрү шер Чоро,
Чынмачындын – Какандын
Чын жаралган уулу экен.
Түп атабыз Чылаба,
Чылабанын кулуну,
Чын кытайдын өз уулу.
Кыргыздан качып жат болуп,
Кыраанным чыны менен келиптир.
Мен Коңурбай абасын
Чын тууган деп көрүптүр.
Чынмачынды, Каканды
Каалап келген кези экен,
Кан Коңурбай абасын
Каалап келген кези экен.
Как көкжалдын өзү экен,
Таамай кыргыз канкорду
Таштап келген кези экен.
Аябаган чоң бүлүк
Бул атаңдын көрү бурутка
Баштап келген кези экен.
Чатак арбып, чыр күчөп,
Бет болушкан чак экен,
Кызыталак канкорго
Жат болушкан кези экен.
Ок өтпөгөн Аколпок
Ойрон болгон бу тонун
Кие келген кези экен,
Ок жетпеген тулпарын
Ойрон кылып абасын,
Мине келген кези экен.
Каканчын Бакбурчунга
Коноюн деген кези экен,
Калың кытай ичинде
Кыраандын болоюн деген кези экен,
Кайра тартып бурутту
Сороюн деген кези экен,
Биздин ини Күлчоро
Эрешен тартып, эр болуп,
Өтөйүн деген экен го,
Бу кызыталак буруттун
Эптеп жүрүп түбүнө
Жетейин деген экен го,
Камбардай абам Калчага

www.bizdin.kg



Кетейин деген экен го,
Калайманды бурутка
Баштап келген экен го,
Катуу чырын кыргызга
Таптап келген экен го.
Атам кытай болгон соң,
Арбын жүрүп кыргызга
Нетейин деген экен го,
Кызыталак буруттун
Кылчайып кайра түбүнө
Жетейин деген экен го,
Бир караган тууганды
Өзү келген экен го,
Өзү турмак көкжалдын
Көзү келген экен го.
Бу кыргыз динин унутуп,
Кагылайын Күлчором
Баатыр болгон экен го,
Жаңы келип элди таап,
Күнгө келген экен го.
Кыргыздын динин унутуп,
Чором динге келген экен го,
Кытайга тууган жакшылык
Күнгө келген экен го.
Тобокел деп Бээжинге
Тоюна токсон соелу.
Мунун Күлчоро атын жоёлу,
Атына кандын атын коелу,
Улуу Бээжин – улуу журт,
Учуна кабар салалы,
Карыкандын ордуна
Кан көтөрө салалы,
Кайра белди бууйлу,
Белге таңуу белгилүү
Медер келип калган соң,
Белди бекем бууйлук,
Кызыталак бурутту
Таянганы мекеге –
Мекеге чейин кууйлук,
Түк койбой түбүн түрөлү,
Түгөтүп баарын кирели.
Жадаалды жаман салалы,
Жабыркатып буруттун
Жанын койбой чабалы,
Качанкы жинин кагалы.
Кайран Чоро келген соң,
Алтай минсе арыбас
Буудан Чоро келген соң,
Ай-ааламды өрттөгөн
Тууган Чоро келген соң,
Бу жол келген Күлчоро
Биздин Кытай ырысы,
Кыргыздардын урушу,
Ич этине суп көйнөк
Кие келген эмеспи,
Ички сырын буруттун
Биле келген эмеспи,
Кез келтирди чын буркан
Эр Күлчоро тууганга
Өткөрө жан ыраазы
Тууганым минген бууданга.
Бурканды Кудай экен деп,
Муну билип турганга.
Азыр тууган келген соң,
Алачыктай чоң буркан
Аса байлап алууга,
Ар урууудан кырк-кырктан
Алып келип салыңар.
Адам тапкыс ой кылып,
Күлчоро кытай туулду деп,
Так алтымыш күнү той кылып,
Ааламдын калкы чогулуп,
Тоюна топтоп тойгула,
Күрмө кийген кытайча
Күчтүүнүн атын койгула.
Калкка кабар салгыла,
Алтын түрдүү килемдин
Ортосуна салгыла.

www.bizdin.kg



Алты миң балбан, сан калдай
Тегиз Чором келди деп,
Катуу баары чуркурап,
Кадыр Алда Чорону
Кан көтөрө салгыла.
Желигип кытай, кырк кан эл
Чоң тамаша баштагын.
Малым турмак, башымды ал,
Калың кытай – Каканчын
Күдөрүң үзүп таштаңар,
Жаңыдан кыял баштаңар.
Кырк эшиктин алдына
Эзкара кан өзүнө
Карарган кара көзүмө
Кокуй, манжуу, кат учур,
Эр Күлчоро келди деп,
Кат учурсаң бат учур.
Шамдайгайың болжолсуз,
Шака-шука бат учур.
Кабар кылса каныңыз
Кыргыз менен касташып,
Эр Күлчоро келди деп.
Ай-ааламды буй кылган
Шер Күлчоро келди деп,
Адам ашып чыгалгыс,
Тоо Күлчоро келди деп.
Менде чыдап аша алгыс,
Бетин менде баса алгыс,
Тоо Күлчоро келди де.
Төгөрөккө кабар сал,
Эзкары кандын алдынан
Желбегейлүү торко тап,
Жел жетпеген жорго тап,
Чороң эрмек кылууга
Алтын жагоо шумкар тап.
Кайран чоро минүүгө,
Канды көздөй жүрүүгө
Алтын така жорго тап,
Көөхар таштан чырак тап,
Бу Күлчоро минүүгө
Карабжысын салынып,
Калкылдатып жүрүүгө
Беренжини байланып,
Беш-Бээжинди айланып,
Башына калдай салууга
Алтын, күмүш артынып,
Эсенканга баруугa,
Эсенкан минген алтын так
Элден сурап алууга,
Булүнтпөй күтүп алууга,
Күн жаң-жуңга баруугa,
Ал жаң-жуңдун колунан
Эл эсебин алууга
Тулпар, күлүк эчен тап,
Чорого жолдош баруугa
Жазы жаак, жалпак тил,
Так өзүнөн өөдөрөк
Жаңылбаган чечен тап.
Каалап келген тууганга
Карапжы тон кийгизгин,
Карабжынын этегин
Калдайтып жерге тийгизгин,
Кан көтөрүп баланы
Так ошентип жүргүзгүн.
Кырк уруунун калың журт
Кайшактатпай билгизгин.
Көз жетпеген Каканчы
Жерге кабар бергиле,
Кулак уккан кырк уруу
Элге кабар бергиле.
Чоронун тууган экенин
Калайыкка билгизгин.
Калайыктын баарысын
Катуу той кылып күлдүргүн.
Кырк күнү кытай той кылып,
Калбай кызык баштасын.
Баатыр тууган келди деп,
Малы менен башынан

www.bizdin.kg



Такыр кечип таштасын.
Коңурбай кандын ою деп,
Кыргыздан жаңы келди деп
Күлчоронун тою деп,
Асманга учсун топурак,
Ат чабылсын топурап.
Кыргыздан баатыр келген соң,
Жөө адам жарышсын.
Такырайган таз баштуу
Өпкө менен салышсын.
Азууларын аркайтып,
Алдыңкы ээрдин шалпайтып,
Төөдөн байге алышсын,
Төрөлүү журттун баарысы
Мындай кызык салышсын.
Бажыга жыйган сан кара –
Коңурбайдын түмөн мал.
Кырып тойго сойсун де,
Кулундарын чуулатып,
Такыр жетим койсун де.
Кубандык мындай иш болсун,
Түп көтөрө кытайдын
Малы башы түз болсун!
Күлчоро тууган тапканда
Кызык мындай болду деп,
Унутпай турган иш болсун,
Сары-Дыңша борондо
Санаты жок кара мал
Сан түйөм жатат ошондо.
Кең Каспан-Тоо, куу төрдө
Менин кара атым жатат бу кезде
Кур экен деп ойлобой,
Курутуп такыр сойгула.
Ошол аттын ичинде
Ыйык койгон сары айгыр,
Сары айгырды койгула.
Адам таппас ой кылгын,
Калың Бээжин той кылгын.
Калың Бээжин, Каканга
Киши унуткус той кылгын.
Күлчоро тууган тапты деп,
Эл чуу туруп билинсин.
Курт унутпай жүрүүгө
Чоң даңзага чийилсин.
Топурак учуп, чаң каптап,
Толкуп журтуң аттансын.
Кызык мындай болду деп,
Калк чу түшүп толду деп,
Коңурбай кандын ою деп,
Күлчоронун тою деп,
Бээжиндин чынар багы деп,
Күлчоро кандын тагы деп,
Айтылбай кеп калбасын,
Бээжиндеги Кары кан
Берен тууган тууганың
Минер тагын камдасын,
Каканчыга кабар айт,
Дегеле кытайдан жазык калбасын!
Коңурбайга мындай деп,
Эй, улукмандуу карылар,
Улук жашап баргандар,
Аксакалдуу каргандар
Алөөкө кан, Азизкан
Атабыз туушкан кан болду.
Ошондон туулуп Алмамбет,
Ошондон душман жан болду.
Бөлүнөт көңүл санаасы,
Ушу турган Күлчоро
Алакең кандын баласы.
Колдон чыккан тууганым
Колума келди, карачы!»
Деп, ошентип, Коңурбай
Калк чуркурап, чуу туруп.
Калайык мындай деген соң,
Калк ичинде Коң төрө
Ооруган жери басылып,
Көңүлү күлдөй ачылып.
«Керүүгө салган тамымды,

www.bizdin.kg



Келип калып тууганым
Көңүлүм жаман кубантты.
Каралды болуп турганга,
Кагылсам болот Кангайдан келген тууганга!
Кысылып бу жан турганда
Айлансам болот Кыргыздан келген тууганга!»
Деп, ошентип, Коңурбай,
Атаңдын көрү, Эзкара,
Кармап минип бууданды
Кара экен деп келди го.
Канетсе, биздей тууганга
Кыргыз болуп кыйла жыл
Жүргөн экен Күлчоро.
Кытайдын динин аныктап,
Билген экен Күлчоро.
Катуу бүлүк кыргызга
Баштаган экен Күлчоро,
Атсыз жөө дардайтып,
Арам өлгөн төрөсүн
Таштаган экен Күлчоро.
Кыйшыңы келди көргөн түш,
Кытайдан бала келгени
Чоро, кылымда барбы ушул иш».
Деп, ошентип, Коңурбай
Каарланып бакырды,
Күлчорону чакырды:
– Эй, Күлчоро кулунум,
Бейлеп уккун сөзүмдү
Бүгүн бек көтөрдүм өзүңдү,
Каалап уккун сөзүмдү,
Кан көтөрдүм өзүңдү.
О, балам, ырас кылдым сөзүмдү,
Ушул турган Бээжиндин
Убалы-сообу болобу,
Ыйык кылдым өзүңдү.
Ээ, балам, кыла турган ишим бар,
Көрүп калган түшүм бар.
Балдарыма каалап калган кишим бар.
Кечээ, Каспан-Тоонун оюнда,
Кара-Суунун боюнда
Калайманды салганда,
Бу жалгыз барып эр канкор
Жылкымды тийип алганда,
Куп ыраазы кебим бар,
Кубанып калган жерим бар.
Жалгыз барып жылкы алып,
Жаадалдашып тууганда
Карагулдун сакалын
Мойтойтуп такыр жулганда,
Менин жылкычым жылма кырганда
Алгара тулпар куйругун
Такыр жулуп салганда
Манастын уулу канкордун
Шер экенин көргөмүн.
Атасы Манас канкордон
Эр экенин көргөмүн,
Маанисин байкап билгемин,
Чиркин, менин балам болсо деп,
Чын аябай күйгөмүн.
Ай, Күлчоро, кулунум
Айлаң жетсе эр төрөң
Кадырлашың Семетейге барып кел.
Семетей тилге киргизип,
Бизге кытай кылып алып кел.
Кара жолтой канкордун
Дегенине көнөйүн,
Атасы Манас канкордун
Жүз эсе кунун берейин.
Баатыр элең, эр элең.
Баладан бөлөк шер элең.
Ал Манастын уулу эр канкор
Телегейи тең экен.
Атасы Манас айкөлдөн
Алда канча эр экен.

www.bizdin.kg



Кең көкүрөк, жайык төш
Келберсиген көкжалың
Телегейи тең экен.
Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең экен.
Айбаттуу азар салгысыз,
Он сегиз миң ааламдан*
Укурук кайрар калбаган.
Улук болуп менден
Жаратылат мындай жан,
Каарланса буй кылып,
Ай-ааламды күткүдөй.
Тоңурайган кара коо
Кызыталак канкорго
Тоолугунан түткүдөй.
Ботом, берендиги, шердиги
Мендесинде жок экен
Кызыталактын эрдиги.
Караанын көрүп отурсаң
Как Манастын өзүндөй.
Өзү турмак, өлчөөсү –
Карарган кара көзүндөй.
Кызыккандан күйүндүм,
Кылымдан артык сүйүндүм.
Жер жайнаган кылымдан
Талап алган экен го,
Жеткилең көкжал Манастан
О, ботом, бала калган экен го.
Көктөн көк айман жылдыз боз
кылсам,
Чуулганды бачагар
Семетей мага дос кылсаң
Дегенине көнөйүн,
Чоң атасы Жакып кан,
Аркы атасы Кара кан
Үчөөнүн кунун берейин.
Дос болгондо Семетей
Калкка кабар салалы,
Зарып кылып мал-башты –
Эптеп тукум алалы.
Дос кылгын көкжал баланы
Ыркырашып, ырдашпай,
Ар качандан – бир качан
Илгеркидей биз эми
Айзалашып, чырдашпай,
Жер бөлүшүп кандашпай,
Жетик кол жыйып салышпай,
Иттик намыс талашпай,
Бир элдешип калалы,
Бир табышып алалы.
Журт бүлдүрүп, эл бузбай,
Ботом, туугандашып алалы!
Недеген сөзгө көнөйүн,
Нечени Какан, Чоң-Бээжин
Керишпестен, чырдашпай
Бээжиндин журтун берейин.
Эптүүсүң балам Күлчоро,
Семетейге барып кел!
Эрибей турган көкжалды
Ийиктирип алып кел!
Тилге келсе Семетей
Бере Үйрүлмөнүн сазына
Элди жыйып калалы,
Уруулай жыйын салалы.
Тапкычташып көрөлү,
Теле бул Бээжиндин кандыгын
Өксөсү болсо куу чунак
Семетейге берели!
Көңүлдөгү капаны
Бирөөнү койбой жоелу,
Чатак-бузук, чырларды
Суугa салып коелу!
Берендигин көрөйүн,
Беп-белгилүү шер экен
Бет алган киши оң болгус
Алеңгир бейжай шер экен.
Алышкан аман болобу,
Буга теңелген адам оңобу?

www.bizdin.kg



Кара жолтой канкорго
Чалынган адам оңобу?
Көп жаралган жан экен,
Көп белгиси бар экен.
Өңү ажыдаар сүрү бар,
Ал кан ичме канкордун
Көзү жалын куну бар.
Ээрдинде эпсиз меңи бар,
Чапчышканды чалгыдай,
Мант бергенди баскыдай.
Кез болгонду кемирип,
Кабылганды какшатып,
Бет алганды буй кылып,
Кез болгонду мерт кылып,
Ажыдаардай оп тартып
Алыскы жерди соргудай.
Ал өлбөсө Бээжинди
Таш калаасын талкалап,
Кум коргонун куйкалап,
Ордону опсуз кыйратып,
Жолуккан жанды чуулатып,
Жологонду кыйратып,
Бу Бээжинди кыргыдай.
Кайыпты кууса уй кылып,
Катылган жерди буй кылып,
Карандай өрттөп өткүдөй.
Кармалашса кокустан
Жалгыз Калча мен эмес,
Каканды кырып кеткидей.
Каары келип какайса,
Жер түбүнө жеткидей.
Желикчи болсо ал канкор
Кытай түгүл кылымды
Кыргын кылып өткүдөй.
Түгүн койбой түгөтүп,
Түбүнө чогуу жеткидей.
Улук да экен, шер да экен,
Ушундай кыйын эр экен,
Мурунку өткөн алп, дөөлөр
Бул канкордун жанында
Кудай урган кеп экен,
Кашатчага калкайтып,
Там көтөрөр неме экен.
Каканчыга калдайтып,
Кан көтөрөр неме экен.
Түптүү терек чынардай
Баана кылчуу шер экен
Түгөнбөгөн кырк канга
Кара кылар эр экен.
Канчалык алпты кыйраткан
Кара жолтой канкордун
Бу кылганы эп экен.
Муну менен жоолашкан
Бир Кудай урган кеп экен!»
Күлчорого муну айтып,
Ээленсе канкордун
Айтканына көнөйүн,
Бу Бээжиндин кандыгын
Канкор эрге берейин.
Маңдайдагы кыраңдай
Маана кылып алалы,
Баатыр көкжал беренди
Караан кылып алалы.
Семетейге барып кел,
Манастын уулу баатырды
Элдештирип Күлчоро,
Эми бизге алып кел!
Улуксунган шер менен
Ар качандан бир качан,
Уруша берген оңобу?
Журт бүлдүрүп, эл бузган
Бизге пайда болобу?»
Күлчорого Коңурбай
Көп акыл салып, муну айтып,
Тирүүсүндө сөзү ачык
Өлбөсө сынчы, көзү ачык.
Ар таалайлуу шыктуу кул,
Айласыз чечен ыктуу кул

www.bizdin.kg



Коңурбай жайы ушундай.
Өзү жоонун айласын
Артык билген мыктуу кул.
Артык даңгыл сөзү ачык,
Чуу көрөгөч көзү ачык,
Белгилүү Калча муну айтып.
Бек сөз баштап турду эми,
Бейли менен ушунтип
Бек акылды кылды эми.
«Ай, Күлчоро, кулунум
Манастын уулу канкорго
Кабылан уулум сен болуп,
Көк ала сакал чоң манжуу
Көрсөң Калча мен болуп,
Жети кылым козголуп,
Азгана эмес, мол болуп,
Кырк кан эли чогулуп,
Кытайдын колу козголуп,
Каптасак жеңип албайбыз.
Манастын уулу чунакка
Катылсак тирүү калбайбыз.
Бет алып жан барбаган
Белестеги чеп экен.
Бээжиндин калкы жеңем деп,
Кудай урган кеп экен.
Бир чамынса бу көкжал
Жолборс сындуу беттеген.
Аркыраса бу канкор
Азыр кырып кеткидей,
Анан койсок кызталак
Арттан кууп, чыр салып,
Ээленип кетсе бу канкор
Эртең түпкө жеткидей.
Мен Каканда жатканда
Уламадан уладым,
Билгендерден сурадым.
Кабардан каалап кеп уктум,
Катуу айбатын бек уктум.
Боконо сөөгүм болкулдап,
Кабыргамын кат-каты
Катуу мөңкүп солкулдап.
Болжолун угуп күйүндүм,
Болжоп жандан түңүлдүм.
Болжолу жок канкордун
Менде карап чыдабайт
Беренди тууп турганда
Бет алып сынчы сынаган.
Биздин Кытайдан чыккан кырк сынчы –
Кыркы сынчы, кырк аяр,
Кырк жылдыкты билүүчү
Кымбаттыгы бир далай
Кырк Аяр сынап алыптыр
Кыялын таап алалбай
Бала чакта канкорго
Кымбат жайга бактырган
Бээжинден чыккан кырк аяр
Ал канкорду жактырган
Туулганда канкордун
Каалап тоюн жеп кеткен
Он сегиз миң ааламга
Ойрон кылат деп кеткен
Кармашканды кубалап
Канын суудай чачар деп
Бекип жаткан бейпайдын
Бек эшигин ачар деп
Кычыгына тийгенде
Кыйла канды жайлайт деп
Өчөшүнө тийгенде
Өз атасын соет деп
Кара суута кан куйган
Кан ичме өзү болот деп
Каны толук чени бар
Кытайдан чыккан кырк сынчы
Айтып калган кеби бар
Айтып турса канкорду
Түгөнбөгөн кеби бар.
Кечээ, өчөшүнө тийгенде

www.bizdin.kg



Өз жакынын койду дейт.
Көп жинине тийгенде
Тутанып өлгөн кутургур
Тууганын кырып сойду дейт.
Каарына келгенде
Чоң атасы Жакыпты
Душмандан бетер сойду дейт.
Кулак угуп, көз көргөн
Жерге даңкы угулду.
Журт каалаган эл билген
Жерге даңкы угулду.
Аты угулуп, көз көргөн
Семетей каарды баштады,
Бээжин каны солкулдап,
Минген алтын тагынан
Кулап кете таштады.
Кутургурдун кабары
Мынча дүмөк баштады.
Дүбүртүнөн карандын
Менде чыдап турбаган
Түпкү даңкы карандын
Түгөл элди өрттөгөн
Басташып менде жетпеген.
Канча сынчы сыйкырчы
Кайгыланып көп келген.
Кан Коңурбай көкжалды
Ажалы мындан деп келген.
Анын баарын таштайлы,
Каарданган канкордун
Дегенине көнөйүн,
Чоң-Бээжиндин кандыгын
Чогуусу менен берейин.
Кырк уруу кытай журтуна
Калтырбай кабар салайын,
Семетей досту болду деп,
Кой төрөгө көкжалды
Кан көтөрүп алалы.
Эптүү болсоң шер болсоң,
Журттун алтын короосу
Коңурбайдын чоросу,
Аты тулпар бууданы
Түп атаң бирге Чылаба
Түп эрдигин сураба,
Эр Күлчоро сен болсоң,
Кырк уруунун эрени
Кан бут Калча мен болсом,
Баштагыны таштадык,
Жаңы өрнөктөн баштадык.
Абаңын тилин алып кел,
Семетейге барып кел.
Тилге келсе ал канкор
Көп кечикпей тартып кел,
Көкжал абаң Калчага
Көп кечикпей кайтып кел.
Төрө Калча көндү деп,
Кытайга Кудай берди деп,
Сүйүнчүнү айтып кел.
Дегениңе көнөйүн,
Каканчынын канында,
Алтын тактын алдында,
Чоң капканын түбүндө,
Сейилге сайган чынар бак
Чынар бактын түбүндө
Жибектен кылган селкинчек
Селкинчегин чойдурган,
Сейилдикке койдурган,
Ургаачынын узу бар.
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган кара көз,
Кырмызы көйнөк айча* бел,
Тили шекер, кеби бал
Көргөн адам таң калар.
Беттеп адам жетпеген,
Сулуусуна суктанып,
Эр адам көрсө кетпеген.
Сейилге турган сексен кыз
Өңү жарык жал-жал көз,
Өрт күйгүзгөн сулуудан,

www.bizdin.kg



Сыр билүүчү уруудан
Дегениңе көнөйүн
Сүйүнчүңө алты кыз
Тартуу кылып берейин.
Кылдаткерге кынатып,
Сынчыларга сынатып,
Сынчыдан жыйып алайын,
Чубатууга салдырып,
Адам күндүү, ак бейил
Сулууну кармап жыяйын
Сүйүнчүмө алты кыз
Азыр ике кыяйын.
Көнкүрлөрдүн элинде,
Зыйкырчынын алдында
Айтсам кызык мунум бар,
Күлчоро, тууган угуп ал.
Болот тозор уз анда
Болумдуу анда, кан анда.
Кулак угуп, көз көрбөс,
Кыйла кызык баары анда.
Ашагандан машаган,
Чынмачын кырлуу чын уста
Азыга-шаркин алты уста,
Балкасы болот боз уста
Дөөтү менен дос уста
Сабына көөхар* толгогон
Кулак угуп, көз көргөн
Жерден мындай болбогон.
Мизин албарс оңдогон,
Кылычтан мындай болбогон.
Алп акыры алар деп,
Мунун ээси алп чыкса
Ай-ааламды сорор деп,
Мизи болот кылдаткан
Мына ушуга кынаткан
Билсең мындай кылыч бар.
Көк шиберге койгондо
Көкжалын күйүп өрт кеткен,
Шилтеген жаны мерт кеткен.
Кыя тартып шилтесе,
Кысталак жан кубанган
Тооgo, ташка тийерде
Өрттөнүп мизи кызарган
Шилтегенде карасаат
Кырк кулачтай узаган,
Ашагандан машаган,
Тогуз уста баш кошуп,
Алтымыш жыл жасаган.
Ардактаган кан төгөр
Алтымыш жыл жасалып,
Быйыл бүтүп калды дейт.
Кырк чочко менен кырк өгүз
Муну союп той кылып,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүү каны чогулуп,
Канына быйыл салды дейт.
Алуучу ээсин таба албай,
Алты мыктуу кан келип,
Эр зыйкырчы ал келип,
Эчен албан жан келип,
Аң-таң калып калды дейт.
Кырк уруу журт чогулуп,
Кымбат баалуу кылычты
Кандай балбан алар деп,
Ай-ааламга бир кыргын
Кайсы балбан салар деп,
Аңтаң калып калды дейт.
Үмүт менен эл келип,
Кырк кан эли термелип,
Кызык болуп журт чуулап,
Алп-дөөлөрдүн баарысын
Чубатууга салды дейт.
Кайраттуу уул кабылбай,
Аларга ээ табылбай,
Жер өрттөнүп, таш күйүп,
Кылычка келген кыйла дөө
Ажалынан шашты дейт.
Кылычка жакын баралбай,

www.bizdin.kg



Сазаңшандан келген дөө
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Түгү калбай качты дейт.
Өрөпкүп келген балбандар
Өз дүйнөсүн чачты дейт,
Ээ табылбай каранга
Эчен адам качты дейт.
«Эл кылып келсең канкорду
Бу кызматың көрөмүн,
Көкжал ээси мына деп,
Боосуна жибек таккын деп,
Бу кытай журтту баккын деп,
Бу кызматын көрөмүн,
Кайран баатыр өзүңө,
Карарган кара көзүңө
Көрүндүккө беремин
Күлчоро сенин өзүңө.
Көндүрүп келсең төрөнү
Жана тартуу берейин,
Алгара өңдүү атымды.
Балам, Алгара жайын сураба –
Коңурбай абаң Кара аты
Кара атынын бар эле
Капталында канаты,
Күн чыгыш менен күн батыш
Бир күндө басмай адаты.
Чөлгө кирсе чураган,
Толкуганда каранга
Тоодой топо чубалган.
Үстүндөгү минген жан
Тирүүмүн деп кубанган.
Үстүнөн камал кайнаган,
Душман кууп жетпеген.
Канаттуу учуп кутулуп,
Чуркаса аман өтпөгөн.
Астымдагы Алгара
Эрдигиңе мингизем.
Жакасы алтын көк күбө –
Ок өтпөгөн бек күбө
Сыйлыкка саа кийгизем.
Баатыр болсоң, кан болсоң,
Эр Күлчоро сен болсоң
Эптүүлүгүң билгизип,
Жадыгөй тилге салып кел.
Манастын уулу Семетей
Достоштуруп алып кел,
Балам, айтканыңа көнөйүн,
Кызыл алтын жанымды,
Кыймылдаган малымды,
Кызыктуу буюм барымды,
Алтын капка шаарымды,
Алтын чыккан кенимди
Тартуу кылып берейин,
Балам, саа элимди.
Киштелүү Бээжин айлымды,
Кирешти деген шаарымды.
Айтсам далай кебим бар,
Кыйын Бээжин бу журтта
Кырк кандын эли элим бар.
Дегениңе көнөмүн,
Ушу турган элимди
Балам, саа беремин.
Манастын уулу эр көкжал
Тилге келсе барып кел,
Эл болушса өзүмө
Эптүүлүгүң болжолсуз,
Эрен тууган Күлчоро
Баатыр көкжал канкорду
Көргөзө көр көзүмө.
Алтын, күмүш, көөхар таш
Алгараны баш кылып
Алты миң атка арталы,
Атаң куну ушу деп,
Ал көкжалга тарталы.
Кызыл куйрук ар айдап,
Ар куйругун өрөйүн.
Сансыз арга дилде артып,
Алмамбет, Чубак куну деп,

www.bizdin.kg



Бар дүйнөмдү берейин.
Келген кептен салалык,
Кээжирленип чырдашбай,
Манастын уулу көкжалга
Бир элдешип калалы.
Кең-Бээжиндин ордодо
Болот жууруп жасаган
Болумдуу уста, узум бар,
Сулуулукка жан жетпес
Чындаган айым кызым бар.
Желбегей торко кийгизип,
Желбеген жорго мингизип,
Жети миң кызды тартууга
Жер майышсын берейин.
Манастын уулу көкжалга
Бир элдешип көрөйүн.
Кырк эшиктүү Чоң-Бээжин
Кылымдан чыккан зор Бээжин.
Ал Бээжиндин өзүндө
Капка эшигин кайтарган,
Алты айчылык азапты
Азыр көрүп келүүчү
Жети айчылык жыргалды
Даана билип берүүчү
Кырк бир билгич аяр бар,
Муну тартуу кылайын.
Эптүү болсоң эр Чоро,
Ай-ааламды буй кылган
Алмамбет уулу Күлчоро,
Айткан тилим алып бер.
Манастын уулу эр чиркин
Семетейге барып кел.
Сексен ашып токсонго
Барып калган жашымда,
Мен Коңурбай зор калча
Тартуу кылам башымды.
Аябай басты жанымды,
Зарып кылам малымды,
Тартууга төгөм канымды.
Такыр тартуу кылды деп,
Арбын жыйган малымды.
Кудурет чындап жасаган
Жан экени чын болсо,
Манастан чындап туулган
Бала экени чын болсо
Кайран кыргыз элине
Кан экени чын болсо,
Айткан кептин түйүнүн
Ал Семетей чечер дейм.
Кырк уруу кытай урууну
Тартуу кылып турган соң,
Атасынын кунунан
Ал Семетей кечер дейм.
Кырк кандын эли кыйла журт –
Мунун көптүгү түмөн кара курт.
Мен адалга бурдум бейлимди,
Тартуу кылдым көкжалга
Кырк уруу кытай элимди.
Элим тартып турган соң,
Бу сыйымды кылган соң
Манастын уулу шер, көкжал
Кан экени чын болсо,
Таш кайраты бар болсо,
Айып кылсам өтөр дейм
Бу жоруктан кечер дейм.
Алмамбет уулу Күлчором,
Сен да кандын баласы
Мен да кандын баласы.
Телегейин тең тууган,
Тегибиз бирге бир тууган.
Жакындыктан жүрөктөш,
Денебиз бирге билектеш,
Сеникидир жыйганым.
Чылаба кандын тукуму
Сени каалап турганым.
Жоголгондон табылып,
Берен чором келгени.
Ачылбай абийир жабылып,

www.bizdin.kg



Азган тууган табылып,
Сүйүнгөндөн шордуу жан
Ичим кайнап, боорум чок,
Сенден башка караал жок.
Чылабадан туулуп,
Кан болом деген жандар көп.
Ага-иниден туулган
Бир атадан балдар көп.
Саның арбын, караан жок
Жаман чыкты баарысы.
Жамандын санын чогултсаң,
Бир жакшыча караан жок.
Качыр баккын миң жылы
Буудандыгы жок экен,
Жаманды баксаң сан жылы
Туугандыгы жок экен.
Берен тууган Күлчоро
Кеп сонунун карасаң,
Бир атадан туулган
Алтымыш эле агабыз,
Алтымышын чогултсак
Асты бир жандай караан жок.
Күйүп жанып турабыз,
Күмүш жүздүү, күн жүздүү
Аман болчу карааным,
Өзүңдү караан кылабыз.
Эми жолдош болду деп,
Медер кылып турабыз.
Эми бекишкен жерге кыларбыз,
Сен экөөбүз бет алсак
Бет алган жоону кыраарбыз.
Балам, сенин жогунда
Караан кылган белим жок,
Сопол болуп чоңоюп,
Чекеде эки мүйүз жок
Токол болуп чоңойуп,
Кеткен тууган табылып,
Балам, эми оңолдук.
Улук-Бээжин, чоң-Бээжин
Уясына мен консом,
Балам, Чет-Бээжиндин жери бар,
Ар кайсы кандын кеги бар,
Айтууга Калча кеби бар.
Чай алуучу Кара-Тоо
Чатын тозо сен консоң,
Бармактуу киши батабы?
Уулум, эми экөөбүз бириксек
Тырмактуу киши тийеби?
Бизге суук кол беттеп келеби?
Сен экөөбүз бириксек,
Кагышып душман жеңеби?
Кызыккан илек жоо болсо,
Кыйын мүшкүл доо болсо
Бет алып доолап келеби,
Беттеп киши жеңеби?
Менде азарын салабы,
Жологон аман калабы?
Балам, сен экөөбүз бириктик,
Бээжинди душман алабы?
Кабарында бар бекен,
Кечээ өтүп кеткен заманда
Ок өтпөс тонду кийгемин.
Кыл куйруктан канаттуу
Алгара тулпар барынан
Эчен өрттөн кутулуп,
Аман калдым агыман,
Бул эрдиктин барынан.
Алгара чапчып баспаган
Жерде бүтүн калбаган,
Абаң дүмөк салбаган
Элде бүтүн калбаган.
Түбүбүз бирге Күлчоро,
Кыргыздан ырас келипсиң.
Картайганда абаңа
Караан болуп берипсиң.
Манастын уулу эр канкор
Кеп жанакы кулунум,
Семетейге барып кел.

www.bizdin.kg



Тилге келсе канкорду
Бери карай алып кел.
Тилге келбей ороңдоп,
Тим эле соруп ийчидей
Титирендеп сороңдоп,
Алакөөдөн канкордун
Ал эрдиги кармаса
Кеп которуп сөз кылба,
Көп сүйлөбөй кайтып кел.
Кежири мынча экен деп,
Абакеңе айтып кел.
Үтүрөңдөп силкишпе,
Жатык сөз менен кайтып кел.
Көөдөгүң мындай кылды деп,
Көрүнөө мага айтып кел,
Жамандашпай кайтып кел.
Балам, тилге келсе Канкордун
Айтканына көнөлү,
Атасы Манас айкөлдүн
Жалгыз Манас ал эмес,
Кырк чоро кунун берели.
Арыслаңдай көзү жайнаса,
Айтканга көнбөй ал канкор
Кан ичмеси кармаса
Кыжылдабай кайта кел,
Кысталактын иши деп,
Анык сырын канкордун
Абакеңе айта кел.
Элчилиги жок болсо,
Каары калың чоң болсо,
Каканга кабар салалы.
Атка минбес дөөлөрдөн,
Тулпар менен тең жүрчү
Бээжинден мыкты жөөлөрдөн,
Арканы шайдоот торчондон,
Баатырлыгы башкача
Баарысы чоюн колчондон,
Жан куткарбас тажаалдан,
Жоо элдигин билбестен
Адамга кыргын салчудан,
Катылганды жөн эле
Көзүн чукуп койчудан,
Кармалашып жеңгенди
Чийки этине тойчудан
Карга көрсө кагып жеп,
Суур көрсө сууруп жеп,
Кулан көрсө кууп жеп,
Теке көрсө терип жеп,
Теңдиги жок күч кылган,
Тозогу кымбат иш кылган,
Арам-адал билбеген,
Ар бир жанды беттеген
Адам тийсе талап жеп,
Аны да тамак эт деген
Карасаат каранга
Кайсыл адам беттеген?
Кармашына жан жетпейт,
Кагышкан аман кетпеген,
Кап-Тоонун бери жагында
Мадейиттин жеринен,
Сазаңшандын элинен
Мынча колду алабыз,
Кызыталак канкорду
Анан кыргын салабыз.
Түптүүлүгүн көрөбүз,
Түгөнүшүп урушуп,
Кылча калбай карыбыз,
Кыргын болуп баарыбыз
Кырылышып көрөбүз.
Кепке келсе, канкорго
Кежир чатак, чыр да жок,
Каалаганын беребиз.
Тилге келсе, ал канкор
Арамдык-чатак жаңжалды
Алып сууга салабыз.
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп достошуп,
Эл болушуп калабыз.

www.bizdin.kg



Эски оорусу кармаса,
Элчилик жөнгө барбаса,
Эзелки жини кармаса
Түз кирип түпкө жетели,
Кыргын тийген эмедей
Кызыл канга жуурулуп,
Кырылыша кетели.
Жана сөздө кызык бар,
Курган Манас сырдашы,
Ал канкордун курдашы
Аксакал Бакай бузук бар.
Ошо Бакай жок болсо,
Семетей жөнгө көнгөнү
Дос болушуп келгени.
Ошо Бакай бар болсо,
Кытай, кыргыз чатагы.
Арбышып канга бөлүнүп,
Алышып жатып өлгөнү.
Ошол Бакай жоголбой,
Кылымдын иши оңолбойт.
Бакай жокто бара гөр,
Эпсиз кептен сала гөр.
Эми иймелтип төрөнү
Эптеп жолго сала гөр.
Бузулуп кетсең жаманат,
Бу Күлчоро, чиркиниң
Ушу кеп сага аманат!» –
Деп ошентип, Коңурбай
Төрөнү Кудай урганы,
Төрөсүнө чоросун
Элчи салып турганы.
Канкор шерге бузукту
Жерчи салып турганы,
Акылдан тантып Калчаны
Ашкере Кудай урганы,
Күлчорого кутургур
Чын ишенип тууган деп,
Акылдан тантып Калчаны
Карганда Кудай урганы.
Баатыр тапан Күлчоро
Баатырлыгы бир башка.
Кылтылдаган бачагар
Кылымдын баарын кыйратып,
Кылтылдаган көй кашка –
Кыялы жандан бир башка.
Мына ошондо Калчага
Кесиреттүү кепти кул,
Күлчоро жайын сурасаң
Жаандан ашкан эптүү кул.
Телегейи тең тууган,
Ай-ааламга эр тууган.
Чиймек болду сызыкты,
Кан Коңурбай манжуга
Тили чечен, ичи арам
Тилегиң каткан Күлчоро
Кылмак болду кызыкты,
Баатыр Калча көкжалга
Баштамак болду бузукту,
Тапмак болду чараны,
Картайганда Калчага
Салмак болду балааны.
Эптүүлүгү болжолсуз,
Эрен тууган жукуй кул
Эң эрдиги болжолсуз
Калча мындай деген соң,
Кашка таман чоронун
Ыктуулугу мынчалык.
Каары жетик чоронун
Мыктуулугу мынчалык.
Эптүү тууган кургурдун
Эрендиги мынчалык
Эң шамдагай өрттөнгүр
Кан Коңурбай алдына
Акырын сүйлөп бек таштап,
Албан түрлүү кеп баштап:
«Эр Коңурбай абабыз,
Менин бу кебимди караңыз.
Жаңырыктын Жар-Кыя

www.bizdin.kg



Камдап алып келгемин.
Жаадай Буурул, Аколпок
Жаның чыккан канкордон
Алдап алып келгемин.
Бу Каканчы, чоң Дынша
Жер экен деп келгемин.
Эр Коңурбай, Эзкара
Сен экөөңдү мен өзүм
Шер экен деп келгемин.
Акыл салса, бир амал
Табайын деп келгемин.
Каарланса канкорду,
Кайра тартып көп элин
Чабайын деп келгемин.
Эрдигиңди, шердигиң
Билейин деп келгемин.
Тууганым таап Бээжинге
Жүрөйүн деп келгемин.
Ата уругун агадан
Билейин деп келгемин.
Эптүүлүгү болжолсуз,
Эми чороң өлбөсө
Ак жылкыдан боз кылам,
Айкөл менен экөөңдү
Акыреттик дос кылам.
Көк жылкыдан боз кылам,
Көп көрүнөө дос кылам.
Эптүүлүгүм билгизем,
Каалаганың Семетей,
Кан Коңурбай зор төрөм
Колуңузга тийгизем.
Бу сөзүңө көнбөсөм
Керегиңе кан абам,
Азыр жарап бербесем
Туубай туна чөгөмүн,
Тирүү жүрбөй өлөмүн.
Манастын уулу канкорду
Эртең алып келермин.
Алгара минип нетейин,
Алдап жолго салууга
Буурул менен кетейин.
Келген атым минейин,
Арбуурулду минейин
Айгайы артык дуу кылып,
Бир акылды табайын.
Кандан тууган канкорду
Кармап жолго салайын.
Жумшадың абам эл Калча
Айтканыңа барайын,
Кан аба, Какандан чыгып камынып,
Кыргыздын жолун чалыпсыз.
Аксакалдуу Бакайдан
Артык коркуп калыпсыз.
Корккonuңуз ал Бакай
Эчтеке менен иши жок,
Чөгүп калган кан Бакай.
Мурунку Бакай эр кайда
Карыганда Бакайга
Чатак салар жан барбы?
Корккон Бакай каныңыз
Көп карыган аныңыз,
Мурункудай чаркы жок.
Оозунан отуз эки тиш кеткен,
Кан Бакайдан күч кеткен,
Билегинен сап кеткен.
Жүрөгүн каптап суу жеткен,
Өөдө болор шайы жок,
Бакай кандан муун кеткен.
Көмүлгөн Бакай абабыз,
Көп чочубай Бакайдан
Көргөн түрүн караңыз.
Тирүү десе санда жок,
Кабылан Бакай анда жок.
Уйкудан башка тынчы жок,
Жаздыкка башын салган кез,
Эчтеме сүйбөй калган кез,
Күнү-түнү ордунан
Өлсө турбай калган кез,

www.bizdin.kg



Бакай кандан кеткен эс.
Көзү калган ириңдеп,
Көөдөнү калган кирилдеп.
Куйкул болгон сакалы,
Ким ошондой болбосун,
Бакай канга капамын.
Ушу бүгүн эр Бакай
Тирүү десе санда жок,
Өлүү десе жерде жок,
Чанбай сөздөн салбаңыз
Баары мындай болду деп,
Бакайдан капа албаңыз.
Андай-мындай дебеңиз,
Бакайдан кайгы жебеңиз.
Бакай жөнү момундай,
Баатыр абам Коңурбай.
Чыгардың ичтен бузукту,
Айттырмак болдуң кызыкты.
Сындамак болдуң кырымды,
Чыгармак болдуң чырымды.
Сурамак болдуң Коң төрөм,
Капкайдагы сырымды.
Мына айттырмак болдуң чынымды.
Кокуй аба, зор Калча
Адырдай, тоодой кыялаш,
Түбүбүз бирге уялаш.
Айтканым ушул билип ал,
Тилге келсе канкорду
Тилим менен байлайын.
Тил билбесе канкорду
Күчкө салып жайлайын.
Айлам келсе канкорду
Кайрылып төрөм көрөмүн.
Элдешкин деп канкорго
Чыным менен кирейин.
Айтканды канкор билбесе,
Айдаган жөнгө жүрбөсө,
Кайрылып жайын билейин,
Аман келсем астыңа
Аңгеме кептен айтармын,
Чабылып кеткен канкорго
Чатакташып кайтармын.
Арзым менен муңумду
Коң төрөм, сага айтармын.
Айткан сөзгө көнүңүз,
Куру келсем бозоруп,
Алгара тулпар бериңиз,
Алгара берсең минебиз.
Чабылып кеткен бурутту
Так Таласка чейин сүрөбүз.
Тилге келсе бурутту
Тилим менен багынтам,
Тил билбесе бурутту
Күчкө салып багынтам.
Буурукма жиним кармаса,
Буурсунун бурдурбайм.
Каарым келип какайсам,
Ал Таласка тургузбайм.
Эпке кирсе канкордун
Эрдик жайын көрөйүн,
Эпке келбей тим болсо,
Кызыталак кыргыздын
Мен кыйрын эки бөлөйүн.
Куп тилим бурут албаса,
Кулжундашып көрөйүн.
Каарланып какайсам,
Кармашып канын чачайын,
Тилге кирсе канкордун
Демиккенин басайын.
Кымбат акыл мунуңуз,
Мени алты күн күтүп туруңуз.
Жеткилең акыл мунуңуз,
Арадан тууган келгиче
Жети күн күйүп туруңуз.
Жети күндөн мен калсам,
Кол чакырып, эл жыйна,
Күдөрүң бизден үзүңүз,
Буйрук кылып элиңе

www.bizdin.kg



Балбандын баарын айдаңыз,
Өлбөгөн жерди камдаңыз.
Убада сөз мунуңуз.
Ааламдын каны Коң төрө,
Келгиче эсен туруңуз!» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Жайдаландап, шайланып,
Жайдаңдаган эр чиркин
Жалаң кылыч байланып,
Кайра жаар булуттай
Каар бетине айланып,
Жай-жарагын шайланып,
Арасынан элчиге
Жүрөр жакка камданып
Алмамбет уулу Күлчоро
Опол-Тоодой көрүнүп,
Аттанып чыгып жүрдү эми,
Коңурбай алдап аларын,
Узунунан саларын,
Уйпалган чоро билди эми.
Баабединин бат айтып,
Абасы көздөй жүрдү эми.
Аңырайган капчыгай
Арманын айтып бир далай,
Тоо бөксөсүн чалды эле.
Жайдаңдаган шер чороң
Ал кытайдан айрылып,
Абасы Семетейге барды эле,
Семетейге барганда
Күлүстөн чороң бакырып,
Абасы күл ойронду чакырып:
«Ата кагылайын, кан аба
Керүүгө душман конуптур,
Жортсоң жолуң болуптур,
Атаң кандын арбагы
Азыр колдоп алыптыр.
Кырк чилтен, Кызыр Ныйазы
Кымбаттуу тууган шер абам,
Кытайдын каны Коңурбай
Бүгүн эсине кирип калыптыр.
Аянып сен да калбагын,
Тиктешкен жооң Коңурбай,
Акылдуу чочко Коңурбай,
Тикирип чогуу алдадым,
Кыргыздык жөндү унунтуп,
Кан Калчанын алдына
Кытай болуп баргамын,
Түбүм кытай экен деп,
Кан аба, түз болгон кептен салгамын,
Түгөл кытай көп журтту,
Түп атам кытай экен деп,
Түзүрөөк кирип алдадым,
Калаалы кыргыз жер мына,
Каарыңыз келип какайсаң
Кармап сойсоң мен мына.
Башаалы кыргыз эл мына,
Башымды алсаң мен мына.
Кааласаң тирүү коюңуз,
Кабарсаң мына союңуз.
Алдап келдим Калчаны
Болбосо төрөм, акылга көнө коюңуз.
Жоолашканың Коңурбай
Арага жүрүп берүүгө,
Азыр келдим кан аба,
Арбаңдаган чочкону
Колуңузга берүүгө.
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган,
Калдайдын уулу капырга
Карысы толук, заары күч
Кан Коңурбай баатырга,
Алтай минсе арыбас,
Буудан болуп кирдим мен,
Түп атабыз кытай деп,
Түгөнүп өлгөн Калчага
Тууган болуп кирдим мен.
Ички сырын алам деп
Кан аба, сенин айыңдан

www.bizdin.kg



Имерип жолго салдым деп.
Акылга дыйкан жакырды,
Ал Коңурбай капырды,
Эптүүлүктү билгизем,
Опол-Тоодой коржойтуп,
Колуңузга тийгизем.
Атаңдан калган мураапы,
Кан абам, Зулпукор колго ала көр,
Киши кылбас чоң эрдик
Ошо коржойгон итке сала көр.
А дүйнө кеткен айкөл-шер
Атам Манастын кегин ала көр.
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Жоболоңдуу чочкону
Даңгыттарга сала көр,
Эч болбосо кан аба,
Канынан жутуп ала көр,
Алөөкөнүн Коңурбай
Артык тууган доңуздун.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбү бар кытай эл экен,
Түбүнөн бери күчөгөн
Каканчы журту дээр экен.
Башына балаалуу шумдук салбасак,
Кан аба, амал менен албасак,
Кызыл-жашыл Аркескен
Кынынан тартсам бөлүнбөйт,
Кырк жылы кыйрап урушсак
Бул чочко Коңурбайдын
Кыйшаяр түрү көрүнбөйт.
Кызыл миздүү Зулпукор
Кынынан тартсак бөлүнбөйт,
Сексен жыл тынбай салышсак
Мунун серпилчү түрү көрүнбөйт.
Айза кармап, топ бузуп,
Аябай кирсек салышка
Кыргынды кызык көргүдөй,
Каканчынын канына
Капырай, кол бер деп кабар
бергидей.
Баштакыдан чоң мүшкүл –
Кумурскадай жер жайнап,
Кытайдын эли келгидей.
Амал менен албасак
Чапчышып чама келгисиз,
Чарк токтогон кытайды
Чабышып менде жеңгисиз,
Бул көгала сакал чоң манжуу,
Кытайдын каны Коңурбай
Бу кысталак Калча жоголбойт.
Коңурбай жоксон болбосо
Кыргыздын иши оңолбойт,
Ар борумун кааладым,
Коңурбай чочко жоголбойт.
Бул Алөөкөнүн Коңурбай
Белеске бүткөн бел экен,
Бээжинден чыккан шер экен.
Белгилүү Калча эр экен.
Калчаны алдап сойбосок,
Тыйпыл кылып таштуусун
Тындым кылып койбосок,
Берен Калча бейжайдын
Бээжинге кабар салгыдай
Бет алганды талкалап,
Керишти кенен салгыдай.
Кара курттай кытайга
Кагышып адам өткүсүз
Чабышып чама жеткисиз,
Желигип адам баргысыз,
Жеңип менде алгысыз,
Карасаат Коңурбай –
Караса мындай доңуз ай.
Чапчышып чама келбеген,
Чагырлуу кара таш экен,
Жоо жагына кутургур
Жолборстой илгир маш экен.
Манжуусу түмөн, каны бар,

www.bizdin.kg



Картайган менен Коңурбай
Канчалык миндик алы бар,
Нуруң жок Калча эр экен,
Журт бүлүнтүп, эл кырган
Карасаат Калчанын
Бу кылганы эп экен,
Өрттөнгүрдүн өтүгү –
Өтүгүнүн таманы
Он эки карыш сере экен.
Аңдып туруп атамды
Артык эрен чоң Калча
Чаап ийгени эп экен.
Кабагы тоонун буткулдай,
Каарланып какайса
Карган менен Коңурбай
Чын кыргындуу согушка
Чындап кызыл чеп экен.
Муну менен урушкан
Чын атам Манас шер экен.
Күркүрөгөн доңузга
Күрдөөлү атам кабылан
Күчү кантип келди экен?
Чалкалаган доңузга
Чамасы кантип жетти экен?
Чапчышып алты ай салышып,
Кайран атам кабылан
Каканга кантип өттү экен?
Сурунайдай шер атам
Сурмалуу канын кыйратып,
Кармап айза сунду экен,
Сулайман албас Бээжиндин
Сурагын кантип алды экен.
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өлчөөсү көп эл экен.
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түз болгурдун бири экен
Кагылайын кан абам,
Чороңдун айткан кебине
Кулагыңды сал, абам,
Эр Коңурбай калчага
Элимди таап келдим деп,
Элтең уруп калайын,
Кутуруп өлгөн Калчага
Бир элдешип алайын.
Эптеп туруп доңуздун
Эсебин минтип табайын,
Элдештик эми тууган деп
Ич-койнуна кирейин.
Каары күчтүү Калчанын
Түбүнө чогуу жетейин,
Тургузбай башын кесейин,
Кылычын кызык камдайын,
Маанисин тапсам доңуздун
Түбүнө чогуу жетейин,
Эшектей кардын эшейин.
Эбин тапсам Калчаны
Ушунтип башын кесейин,
Бузук чырды баштайын.
Таштуусун союп кыйратып,
Бир талкалап таштайын.
Эрендерин эңейин,
Эреним абам, мен сага
Кытайды эптеп жеңейин,
Шексиз кармап союуга,
Шек билгизбей Калчаны
Жай-жайына коюуга,
Кытай турсун чочунуп,
Мен кирейин кан аба,
Калмагынча калдырап,
Таазим кылып, бут бүгүп
Колодон кылган бурканды
Кокуй аба, кан султан
Кудайым деп турайын,
Абам да кытай болду деп,
Бурканын алдап сурайын.
Ал өрттөнгөн эр манжуу
Буркан Кудай экенин
Чындап бурут билди деп,

www.bizdin.kg



Чын диниме кирди деп,
Кытайдын кымбат экенин
Өрттөнгөн канкор билди деп,
Арага элчи салуучу.
Элчисин алдап бир алсак,
Алөөкөнүн Калчасын
Мына ушунтип башын алабыз.
Арбуурул бергин минейин,
Аколпок бергин кийейин,
Арага анык жүрөйүн.
Алдап шекер сөз менен
Алөөкөнүн Калчасын
Колуна кокуй салалы,
Козголтпой башын алалы.
Айлына апат салалы,
Алдап башын алалы.
Амыз кылбай Калчага
Эптеп башын алалы.
Бегин бейпай кылалы,
Беренин айдап кыралы.
Калтырбай канын соёлу,
Кан Коңурбай капырды
Тыйпыл кылып эренди
Дүмүрүн түптөп казалы,
Умаштай көзүн ачалы.
Жылма душман Калчаны,
Жылан сындуу жаңжалы,
Айтканым мындай билип ал,
Арыслан абам тилимди ал!
Эптесең эпке салайын,
Эр чиркиндин кара атын
Эбин таап сурап барайын,
Бул Каканчы Бээжиндин
Жер экенин билди деп,
Бул калың кытай Бээжиндин
Эл экенин билди деп,
Буркандын Кудай экенин
Кабылан абам билди деп
Каарланган капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Сүйүнчүлөп барайын.
Бээжинден чыккан курч болот
Береним мага бергин деп.
Белгилүү абам, кебим ук,
Белекке сурай калайын,
Менин атам Алмамбет
Кабылан кегин алайын!
Кайра тартып элтеңдеп,
Дос болууга куп болуп,
Тоодой абам төрөм деп,
Толукшуган Калчага
Сүйүнчүлөп барайын.
Көк жолборстой чочконун
Быйыл чын эсебин табайын.
Коңурбайдын кырк төрө
Эң сыйкырчы ык төрө
Айзакерден тептегиз
Ыктуулугу бар экен.
Ай-ааламды буй кылган
Мыктуулугу бар экен.
Сакалдуу Калча карысын
Колума тийсе кытайдын
Кагылайын кан абам,
Сапырайын баарысын.
Кырылышпай калбайлы
Кан аба, кытайды минтип алдайлы.
Кармаш кылбай калбайлы,
Кан аба, капырды минтип алдайлы.
Түрү суук Калчанын
Түбүнө минтип жетели
Түбүбүз түптүз болгуча
Бүгүн түгөнүшө кетели.
Катуулап кайрат салалы,
Кармалашкан капырды
Как талкандай чалалы.
Кайрат кылгын кан аба,
Канынын баарын кыралы,
Калкын жетим кылалы.

www.bizdin.kg



Эренин көздөп кыралы,
Эл-журтун ээсиз кылалы,
Калчасын кармап жыгалы.
Кандарын кууп четтейли,
Бир күчтүүсүн кырбай кетпейли.
Таштуусун союп жок кылбай.
Бир кылчайып кылча кетпейли.
Биз бир күрдөөлүү элин бөлөлү,
Күчөгөн окшойт Коңурбай
Күрпүлдөшүп көрөлү.
Таштуусун айдап бөлөлү,
Коңурбай алдап көрөлү.
Кутурган окшойт көп кытай
Муну менен кулжуңдашып көрөлү.
Эптүүлүгү чороңдун
Кан абам, колуңду кыраан
кушундай,
Кармаша турган кез келди,
Кан аба, кагыштын жайы ушундай!
Кан абам, акыл эрге кызыктыр,
Айла тапсак момундай –
Эр адамга азыктыр.
Түбүнө түптүз жетели,
Түгөнгөн кытай Калчага
Түйшүктүү жолун чалалы,
Өзүңө тууган болдук деп,
Деген сөз ушул көңгүн деп,
Чатакташпай, чырдашпай
Кан атам кунун бергин деп,
Кайгуулдуу* жолун чалалы,
Кайран Калча алдатат,
Капаны чогуу салалы.
Белестин жолун чалалы,
Берени Калча алдатат
Кан аба, бейпайды анан салалы!
Эренсинген, шерсинген
Жер үстүндө бүтүн балбан эрсинген
Калдайдын уулу капырды
Кан абам, кан Коңурбай баатырды
Түшсө кайра чыккысыз
Терең орун карайлы.
Теңизим абам, кебимди ук,
Кайгырса качып кутулгус
Жолун бир торгой салалы.
Акылынан айрылып,
Ашпагандай кылалы,
Кайрылып Калча Каканын
Баспагандай кылалы.
Эми алдап кирип өтөлү,
Кызык болуп Калчага
Кырылыша кетели.
Тууранкы жолун чалдым деп,
Менин туйгунум, кессең баш мына,
Эзкара менен Калчага
Тууганыңмын деп бардым деп.
Кытайдын кыйласын көрдүм
жаратып,
Өлө турган ант кылып,
Убаданы бат кылып,
Коңурбай канын көндүрдүм,
Кылычтын мизин жалатып,
Чалдырсаң Бээжин жол мына,
Кылычтап кесип жиберсең
Кымбаттуу абам, жол мына,
Кайнатып ийсең шор мына.
Түртүп ийсең чыкпайын,
Түгөнгөн абам, ор мына.
Эптүү тууган чороңдун
Эптүүлүгүн сен сына!
Сенин үзүлгөнүң улаган,
Чачылганың жыйнаган,
Өчкөн отуң тамызып,
Өлгөн жанды тиргизген,
Билбегенди билгизген,
Минтип жолго киргизген
Билимдүү чороң мен мына!
Абаке, айза берип жоого сал,
Салмактуу чоро тууганың

www.bizdin.kg



Саялбай калса көзүн теш.
Тил сүйлөтүп доого сал,
Жеңе албай калса тилин кес!
Чын ажал келсе өлөмүн
Менин чын атам Манас колдосо,
Коңурбай колго түшүрүп,
Коржоңдогон кокуй кул
Колуңа тартуу беремин». –
Чоро мындай деген соң,
Ата, мыктуу տуган кайран шер
Коржоңдогон кайран эр
Күлчоронун шердиги
Кылым журтка билинип,
Кан ичме канкор төрөңүз
Атасы Манас тирилип,
Азыр көрдөн тургансып.
«Адашпай жоого киргин» – деп,
Барбаңдап көкжал сүйүнүп,
Кечээ кабарында бар бекен,
Кайыбынан кабылган,
Кан атасы Манаска
Чөл талаадан табылган,
Касиеттүү Боз кисе –
Ата, барбаңдаган бадирек*
Адам чорого тилеп чоң тилек.
Кымбаттуу тууган кургуруң,
Кызыр чалган туйгунуң
Өзүң көргөн Боз кисе
Мойнуна шашып салынып,
Адам, жаным курман болсун деп,
Жанакы төрөң дардаңдап,
Күлчорого жалынып:
«Ай, Күлчоро, мураапым,
Айлансам болот Кудайга,
Сен өңдөнгөн айланы табар
кыраакым,
А дүйнө кеткен абамдан
Алып калган мураапым!
Эрдигиң элге сынаакым,
Эгизим чором кыраакым!
Ата, айланайын Күлчором,
Качырганды кайсаган
Кара кулак шеримсиң.
Беттешкен жоону мерт кылган,
Менин белиме таңуу белимсиң.
Көп курман болуп кетейин,
Сен өңдөнгөн балага!
Акылым ооган санаага
Айланып жүрүп жете албайм,
Сен өңдөнгөн айланы билген балага.
Кагылайын Күлчоро,
Менин каралды тууган биримсиң,
Маңдайда жалгыз күлүмсүң,
Капалуу жалгыз башыма
Каралды болгон инимсиң,
Алакөөдөн абаңа
Айламды табар биримсиң.
Бабамдан калган бадирек,
Душманга салган чоң дүмөк.
Астыма чапкан ак жолум,
Артыма түшсө сан колум.
Эл чуркурап корголоор
Баанасы элден бир башка
Жел тийбеген желп этип,
Табылгылуу колотум.
Кетилбей жүрчү ылайым
Менин таптап койгон болотум.
Алыска сапар жол жүрсөң
Абакең тартат убайым».
Семетей туруп муну айтат:
«Ай, Күлчоро, султаным,
Береним, аман жүрчү ылайым.
Көк ала сакал манжууну
Көбүрөк алдап алып кел,
Каарлансаң канкорду
Узунунан салып кел,
Кармай алсаң Калчаны
Курмандыкка чалып кел!

www.bizdin.kg



Кебез белбоо, кең өтүк
Эй, келберсигин Күлчором,
Кериге кетип барасың
Кенебеген көй кашка
Жерге кетип барасың.
Коңурбай оңой жоо эмес,
Жер өлчөөсүн ала көр.
Капырың оңой эр эмес,
Оң-сол жагын чала көр!
Арылап байкап жолун ал,
Бурканың бизге Кудай деп,
Бек кубансын ал чочко
Ошо бурканын колуңа ал
Арага байкап, аста жүр
Айлансам болот Кудайга
Арсылан чором, өзүң бил,
Кечигип кетсең жаманат,
Балам, саламат барып сак келсең,
Саналуу калбай абаңды
Көп саргайтпай бат келсең
Эрикпей барып, эсен кел.
Камбыл тууган кыраанын,
Кан Коңурбай башына
Акыр заман салып кел,
Каалап жооңду алып кел.
Күн мезгили алты күн,
Алты күндөн калбай кел.
Абакең көк жал кыраанды
А тозокко салбай кел.
Кытайлардын Коңурбай
Эсебин эптеп таап тыр,
Кытайдан чыккан Шуйкучу,
Шуйкучу коюп атаңа
Жүргөн-турган кылыгын,
Тарткан экен ич сырын,
Баштаган экен чоң чырын.
Эсебин эптеп таап тыр,
Эптеп жүрүп өрттөнгүр
Кан атаң Манастын башын чаап тыр.
Ал өңдөнгөн ким жүргөн,
Ай-аалам журт буй болуп,
Атаңа салган чоң дүмөк.
Бир кылбаган үч кылган,
Бек жадыгөй эр Калча
Эң аягын күч кылган.
Кан чуркурап, чуу туруп,
Капталга жолун чалдырган.
Эр атаң Манас баш болуп,
Көргүлүктүн баарысы,
Көкжал Бакай карысы,
Кыйла журттун баарысы,
Кыргыл чал чоро карысы
Жамбыдан тигип баардатып,
Жадыгөйлүү чоң Калча
Коңурбайга алдатып.
Кыргыл чоро карысы
Кыргын тийип окко учуп,
Кыйрап кеткен баарысы.
Берен кан Шууту баарысы
Бейлебей туруп алдырып,
Күзгө маалкы ыраңдай
Күбүлүп кеткен баарысы.
Кырдан колун чалдырып,
Кыраандардын баарысын
Кытайга белек алдырып.
Калайык качып жыйылган,
Көй төрөнүн баарысы
Чоң-Бээжинге кырылган.
Кайраттуу эчен кан өлгөн,
Какандан кабылган жандын баары өлгөн.
Келберсип эчен жан өлгөн,
Кызыталак Бээжинден
Кез болгон жандын баары өлгөн.
Кан Калчанын каарынан,
Капырдын салган заарынан
Каканга келген калк өлгөн,
Калк ээлеген алп өлгөн,

www.bizdin.kg



Кээ болгондор жалпы өлгөн.
Бээжинди киши жеңбеген
Алөөкөнүн Коңурбай
Ал чочко өнөгүн жанга бербеген.
Аксакал Бакай кары айтат,
Билгичтердин баары айтат,
Акылга дыйкан ыктуу деп,
Жоонун айласын артыкча билген
мыктуу деп.
Жатык тил салып Коңурбай
Жадаалданып кетпесин,
Ойрон кылып өзүңдү
Олжо кылып Буурулду
Түбүңө чогуу жетпесин
Быягын көр, кулунум,
Өрөпкүп алдайм деп жүрүп,
Өз түбүңө жетпесин.
Ээлендирип Буурулуң
Олжолоп кытай кетпесин.
Калдайдын уулу капырдын
Салышкан жанды мерт кылган
Сан амалдуу капырды
Эндирип ийсең жаманат,
Ай, Күлчором, аманат» –
Мына өшөнтип Семетей
Жаратканга жалынып,
Балага бата берүүгө
Байкуш төрөң камынып:
«Атаганат дүнүйө ай,
Атадан жалгыз мен элем,
Муңданып жалгыз дебестен,
Туйгунум чором сен элең.
Жан деп Кудай жаратсаң
Кырылып кайра тартты деп,
Кыргызды кылба жаманат.
Жанга өлчөлүү жалгыз ат
Күлчором, саа аманат.
Каары күчтүү Калчанын
Огуна сапар жүрүпсүң
Опсуз күйгөн Какандын
Чогуна сапар жүрүпсүң.
Сапарыңа күч болсун,
Сандыргалуу сайкашкам,
Салмактуусу көйкашкам,
Каралды кылдым өзүңдү.
Кайрылтып душман кытайдан
Көргөзсө экен көзүңдү.
Кайра келип абаңа
Медер кылсаң көзүңдү,
Кайра тартып Күлчором,
Көрсөтөр бекен көзүңдү.
Асты арманым деги жок,
Аман көрсөм өзүңдү.
Ата, каран калган көйкашкам,
Караа кылам өзүңдү.
Кытай милек, биздер аз
Кызыгандан кетип баратат,
Заманаы көп кытай
Бузгандан кетип баратат.
Мунарып күйгөн Какандын
Чогуна кетип баратат,
Каруусу толук Калчанын
Күлчором, огуна кетип баратат.
Топон суу жетпес карандын
Тобуна кетип баратат
Байгамбар басбас балаанын
Чогуна кетип баратат.
Кан Коңурбай берендин
Колуна кетип баратат.
Тегеректеп салуучу,
Теминсе курчап алуучу
Темир аркан кытайдын
Торуна кетип баратат.
Теги мүшкүл каардын
Колуна кетип баратат.
Алдоого кирсе Калчанын
Айланайын Күлчором
Көргөнү кетип баратат.

www.bizdin.kg



Казасы жетсе Какандан
Кармалашып бир жалгыз
Өлгөнү кетип баратат.
Жакшылык берсе намызы,
Жамандык алса Коңурбай
Каарын салып коебу,
Кечилдин каны эр чочко
Келип жетип калды деп,
Жалгыздан кармап соёбу?
Муну уруучу Кудай урабы,
Чыркыратып баланын
Чымындай жанын кыябы?
Адам, Күлчородон айрылсам,
Караан кылган бир жан жок
Менин какайган белим сынабы?
Жалындаган куу көңүл
Өрт өчкөндөй тынабы?
Жан деп Кудай жаратсаң,
Калчаны алдап келе көр.
Жаңгызды көзүм көрөбү,
Жалгыз чорону Кудай көрсөтсө,
Ойдо-тоонун баарысы
Жүгүргөндөй сүйүнөм,
Ойрон атам Алмамбет
Ордунан туруп ойгонуп,
Ордунан туруп бакырып,
Ой балдар, деп чакырып,
Тирилгендей сүйүнөм.
Караан кылган белимди
Кайтарып Кудай тийгизсең,
Караан кылып отурган
Күлчородой шеримди
Алдоого кирсе Коңурбай,
Ай, Күлчоро, береним
Көргөнү кетип баратат.
Калың кытай, бул жалгыз
Кармашка кирсе бу дагы
Өлгөнү кетип баратат».
Бая кабылан тууган кайран шер
Каңырыгы бек түтөп,
Кабылан тууган Күлчоро
Кытайга жалгыз бастырса,
Кабылан көкжал атанып,
Каңырыгы бек түтөп.
Карчыгадай кара көз
Кайрылбай көзгө жаш алып,
Кыргыздан жыйып кол курап,
Кыйын дарт болду ушу деп.
Кызыр чалган кургуруң
Жашып кетти коңгурап.
«Кырк уруу кытай мүшкүл журт
Менин кымбатым жалгыз баратат.
Аласкар тоодой белимден
Айрылып калар бекемин,
Аласкар тоодой белимден.
Ата ордуна кармаган
Алдейлеп турган жеримден.
Ичим күйүп, боорум чок,
Чородон башка тууган жок,
Буурулдан башка буудан жок,
Бузук күн салып бу башка
Алдай көрбө, дүйнө бок!»
Алакан жайып ал төрөң
Кол көтөрдү буркурап.
Мунун баласын Кудай сакта – деп,
Аргын, кыргыз кайран эл
Кошулуп ыйлап чуркурап.
Мына ошондо Семетей
Коңгурап ыйлап турганда,
Капырай козголбой чоро муну айтат:
«Төрөм, ар качандан бир качан
Азарланып чором деп,
Күйө берет экенсиң.
Ыраазы болбойм мунуңа,
Абаке, кейий бербе жөнү жок.
Тиги Бээжинден келген кулуңа
Ата, күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн кабылан,

www.bizdin.kg



Акылым жетсе кытайдан
Казам жетип өлөрмүн.
Карыптыр Калча, Эзкара
Колума тийсе экөөнү
Кан аба, кызык бир кылып берермин.
Имерилип иш кылсам,
Ителги куштай илермин.
Каарлансам Калчаны
Каранкүн аба, мен курман,
Мен Каканына чейин сүрөрмүн.
Ыраазы болбойм мунуңа?
Кейибе аба, кулуңа,
Өлүп калган кезимде
Суркоён кармап токуп кой,
Султаным чором өлдү деп,
Кулагыма аңгырап куран окуп кой.
Калк ыраазы мунуңа,
Капаланба, куруба!
Кечээ, кытайга кыргын салганда
Айдадым колду артынан.
Алдырбас түрүн көргөндө,
Алдаганы баратам,
Тиги Коңурбай кулдун дартынан.
Кейий берсең оңгурап,
Кан абам, кесирлик болот мунуңуз.
Алдырып салсам кытайга
Керишип кунум кууңуз!
Болкулдап ыйлап турганың
Кан аба, болбоско жатат мунуңуз.
Өлүп калсам кытайдан
Өкүмүм, шерим кетти деп,
Өлгөнчө кунум кууңуз.
Байлоого кетсем кытайга
Башкача кыргын салыңыз,
Панайым аба, карааным,
Мени ажыратып алыңыз!
Кокустан өлүп калсам кытайга
Кылча калбай жаныңар,
Кыргынды кызык салыңар.
Жер тумандап чаң болсун,
Арык – чөнөк баарысы
Булактай агып кан болсун,
Кытай менен кыргызың
Бет алышып дан болсун.
Кеп ушундай, баатыр деп,
Мындан аянып калган кишинин
Жети атасы капыр деп,
Улукманым, шериң кел,
Казаттын жайы ушундай
Каруулуңар жеңиңер.
Аңгыча чатак баштабай,
Сөзгө кулак салыңыз.
Арага жүргөн чорону
Алты күн күйүп алыңыз.
Алты күндөн ашканда,
Жети күнгө басканда,
Кымбат чором өлдү деп,
Кыжылдаган кытайга
Анан кыргын салыңар.
Күркүрөгөн шер аба,
Күн болжодум сөз ушул,
Айтылган кептин көзү ушул
Кеп түгөнгөн кез ушул».
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган шер чором
Арысландай болуп түйүлүп,
Асыл кийим ок өтпөс
Ошонун баарын кийинип,
Семетейдин Аккелте
Айдалыга илди эле,
Артык болот Зулпукор
Билегине чалды эле.
Анын үстү жагынан
Эки өңүрүн калдайтып,
Аколпокту кийди эле.
Асмандан түшкөн Боз кисе –
Касиети ушундай,
Кыйкырып белге чалды эле.

www.bizdin.kg



Адам кырк чилтен* Кызыр Нийазы*
Кырк жагынан чамынып,
Кырк айза алып камынып,
Жолдош болуп калды эле.
Бир караса чорону –
Миң кол болуп көрүнөт.
Бир караса Күлчоро –
Бир кол болуп көрүнөт.
Көрүп турган кишинин
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Жаадай учуп шер чоро,
Баатыр көкжал турабы,
Алтын таман үзөңгү
Теппей ыргып чурады.
Арбуурулду мингенде
Ата, чиркин Күлчоро
Кандын кара көзүндөй,
Кан Манастын өзүндөй.
Алым-салык алты шер
Артындагы жолдошу.
Албан түрдүү көрүнүп,
Кара мойнок капчалдын
Кайкысындай залкайып
Кар кетпеген Ала-Тоо
Керүүсүндөй заңкайып,
Күлчоро түрү ушундай,
Узун бойлуу, кең далы
Чын жалындуу, каарлуу
Чын душманга бет алса,
Ажыдаардай* заарлуу.
Ала-Тоодой бар чоро,
Ар шайманы шай чоро.
Көп-көк тондо бедер жок,
Карасаат чородо
Немине бар, нелер жок.
Көз кызарып чок болгон,
Кезиккен душман жок болгон.
Мунун балтасы болот колодон,
Басташпай душман кологон.

Кызыгыша келген жоо
Кыйрап жатып сойлогон.
Көзү жайнап от болгон,
Душман десе кутуруп,
Ажыдаардай октолгон.
Алты сан колго кол салса,
Катылган жоонун баарысы,
Жашы менен карысы,
Айза уруучу даңгылы,
Аябаган камбылы,
Имерилип кыйкырса
Эч ким калбай жок болгон.
Беттешкенди жок кылган,
Бейпай салып каттыккан,
Кытай менен кыргызга
Карасаат Күлчоро
Канкор болуп атыккан.
Сан кол жетип кол салып
Сандап айза, топ сайып,
Туш-туштан айза мадаган,
Алманбет уулу көкжалдан
Албай качып кор болуп,
Каканчы качып жадаган.
Ар кайсылар чуулдап,
Айза сайып мадаган,
Карасаат чорону
Алалбай душман жадаган.
Жекеге чыгып турганда
Жеке боюн бу чоро
Жети миң санга урганда,
Кан Коңурбай баш болуп,
Канкорлор айза кадаган,
Кайратынан чоронун
Канча адам жадаган.
Кыргын болуп, журт өлүп,
Кытай журту чуулаган.
Кытайдагы Чоң Билгич,
Жеке басар, жерге тең
Жетимиши сынаган.

www.bizdin.kg



Жааннамдан мындай болбойт деп,
Жандарынан түңүлүп,
Бүткүл Бээжиндин журту чуулаган.
Эңишке кирсе эңкейбес,
Эптүү тууган Күлчоро.
Карышка кирсе кайкайбас,
Кабылан тууган Күлчоро,
Кылыч алып таптанды,
Кытайды көздөй аттанды.
Абасынан бөлүнүп
Албан, түрдүү көрүнүп,
Жоону көздөй бет алды.
Жөнөгөндө шер чоро
Сыр айза колдо койкоюп,
Сыр балта колдо доңкоюп,
Каарланса кан чочко
Каптаган колго жетчүдөй
Кыргын кылып кытайды
Жөн эле кырып – союп өтчүдөй.
Жосунун айтып ырдаган,
Жомокчунун кеби ушул,
Бу кыргызга ырыс туулган,
Жолуң каткан Күлчоро
Темирден кашка чеп ушул.
Абасынан айрылып,
Жолуң болгон Күлчоро
Кытайга кирген кези ушул.
Кыйрынан чыгып адашып,
Алтын таман үзөңгү
Арам өлгөн Буурулдун
Каруусунда жарашап,
Калың кыргыз элинен
Күлчоро элчиге чыкты адашып.
Арбак конгон Буурул ат
Басыгы чыгып былкылдап,
Шайбырланып кылтылдап,
Алтын така, күмүш мык
Асемдеген чочконун
Аягында жылтылдап,
Ээленгенде Буурулуң
Эрендер кармап мингендей.
Менин атым болсо деп,
Бу кызталак Буурулду
Көргөн жан күйүп жүргүдөй,
Чокусунда көкүлү
Көзгө ченеп түйгөндөй.
Караган жанды шаштырып,
Жаадай учкан Буурулун
Жалпылдата бастырып.
Көрө калган кишинин
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көк арсылан Манастын
Дал өзүндөй көрүнүп,
Минген аты Тайбуурул
Ээлендирип булкунтуп,
Кызыл буурул каранды
Кыйгачтатып жулкунтуп,
Азыр жоого кирчидей
Андыздатып адуулап,
Астындагы Буурулду
Атышка кирчү эмедей,
Абай менен жабуулап.
Ок өтпөгөн суп жабуу
Кайра байлап кабыштап,
Казысына текшилеп,
Бучү такпай каранды
Топчу менен табыштап.
Эми толгонуп чыкты Күлчоро
Коңурбайды карата,
Комдонуп чыкты шер чоро.
Койгулаша кетчүүдөй,
Оңдонуп чыкты эр чоро.
Желе түшүп желигип,
Желдет шибээ, тыргоотко
Желмогуздай көрүнүп,
Жер бүркөгөн булуттун
Бир өзүндөй көрүнүп,
Жети алпкаракуш-зымырык

www.bizdin.kg



Түнөөсүндөй көрүнүп
Жер тирөөч темир мамынын
Ширөөсүндөй көрүнүп,
Жан тартуучу Азирейилдин
Бир өзүндөй көрүнүп.
Астындагы Буурулду
Маңкандата бастырып.
Адам, Коңурбайдан бөлөгүн
Байкуш жандан шаштырып.
Дөөкүрсүгөн эр чоро
Астындагы Буурулду
Дөңкөңдөтө бастырып,
Коңурбайдан башкасын
Дөө көргөндөй шаштырып.
Кара-Тоодой калкылдап,
Кан Коңурбай эр манжуу
Алгарасын алкынтып,
Каарланып бакырды.
«О, ботом, билдиңерби кытай журт,
Алтын-күмүш артууга,
Эсенканга тартууга
Буудан келе жатпайбы!
Айрылганды эптеген,
Ачылганды көктөгөн,
Берендиги белгилүү
Берен тууган Күлчоро
Тууган келе жатпайбы!
Беренжини байланып,
Беш-Бээжинди айланып,
Кумга туулуп, ташка өскөн,
Кайыптан бөлөк башка өскөн
Тулпар келе жатпайбы!
Жесе канга тойбогон
Жеткен жерин койбогон
Шумкар келе жатпайбы!»
Каарын салып бакырып,
Аландаган Коң төрө:
«Алты миң манжуу, саң калдай,
Баарың кел!» – деп чакырып:
«Сайынганың шуру таш,
Жанындагы балбаның
Алышкан жоого болгон маш.
Тууган келе жатканда,
Шуру отогот, маржан таш,
Луңтуң каны аралаш,
Алты жүз качыр, он билге
Жүктөп алтын арткыла!
Жүрөгү сүттөй ак экен,
Эми ишендим бачагар
Күлчорого тарткыла!
Астынан чубап чыккыла,
Түгөтөр бекен дүмөктү,
Сүйүнтөөр бекен жүрөктү
Астынан тозуп чыккыла!
Кызыкты кымбат салгыла,
Таазим кылып жүгүнүп,
Так эле кытайча тозуп алгыла!
Малдын, баштын баарысын
Так алдына салгыла!»
Деп, ошентип, Коңурбай
Каарланып камынып,
Кайран Коң төрөгө
Кайыптан акыл табылып.
Эр Күлчоро барды эле,
Калың кытай чуу туруп,
Таазим кылып калды эле.
Күрмө кийген күчтүүсү,
Күмүрөн кетип карысы,
Кыжылдады кытай журт.
Кыргын тийген эмедей,
Кызык болду баарысы.
Эр Күлчоро астына
Таазим кылып карганы,
Жүгүнгөнү мындан көп,
Сырттандыгын көргөндө
Баатыр ай башка экен деп,
Өз жанынан кээ бир жан
Түңүлгөнү мындан көп.

www.bizdin.kg



Эл болуп берсе Бээжинди
Бу Күлчоро күтөөр деп,
Каарланса кара жер
Калыңынан түтөөр деп.
Каканчы эмес, жер жүзүн
Бул өрттөнгөн Күлчоро
Ай-ааламды күтөөр деп.
Эл болуп калса бул чоро
Бээжин каны болор деп,
Эл болбосо Бээжинди
Кыргын кылып коёр деп.
Эр Калчага угузбай
Шыбыраша калышып
Чуулу кептен салышып.
Каарланып какайса,
Мелдешкенин атар деп
Бет алганын соо кылбай,
Бу Күлчоро жутар деп.
Калың Кытай таштуусу
Дууга кирип калыптыр,
Бүтпөй турган бир катар
Чууга кирип калыптыр,
Айыкпай турган бир артык
Дууга кирип калыптыр.
Коңурбайга угузбай,
Шыбыраша калышып,
Күрмө кийген күчтүүлөр
Оболку сөздөн салышып.
Айтсаң нече кеби бар,
Бу кысталак чоронун
Атасынын кеги бар,
Бизге эл болбос чени бар.
Жүрөгүнүн чери бар
Эл болдум деп калп алдап,
Четтеп кетер бекен деп.
Ай-ааламдын баарысы
Бу кысталак Күлчоро
Өрттөп кетер бекен деп,
Билген чырды кытайга
Кылып кетер бекен деп.
Башта кан болгон кандарды,
Бөксөрүп кеткен жандарды
Тууганым деп кутургур
Кырып кетер бекен деп.
Журт чуркурап, таңданып
Турган экен ал кезек.
Күлчорону жамандап,
Бадана кийген баатырлар,
Баары акылман капырлар,
Айзакерден акылман
Алты миң кытай, сан калдай
Таң калышып ар кандай
Ойду бөлөк башташып,
Малы түгүл жанынан
Такыр кечипташташып.
Күрмөчөнү, таштуусу
Байыркы кептен башташып.
Айтсак эчен кеби бар,
Бу кутурган чоронун
Атасынын кеги бар.
Мунун атасы көкжал көйкашка
Ай-ааламдан бир башка.
Кең-Бээжинди чаң кылган,
Кериштин мүшкүл даң кылган.
Кежирине тийгенде
Атакеси Азизкан –
Азизканды жай кылган,
Манжууларды майлаган.
Кечээ, баатырларды кармаган,
Чоң-Бээжинде кароолчу
Ыламаны жайлаган.
Өрөпкүгөн кутургур,
Бизге тууган болобу?
Түбү душман кыргызды
Тууган деген болобу?
Тууганым деп Коңурбай
Бу кутурган чорону
Алып калган экен деп,

www.bizdin.kg



Акыл айла мыктуудан
Абабыз баатыр Коңурбай
Танып калган экен – деп,
Мээси кетип калжырап,
Карып калган экен – деп,
Өлө турган күнүнө
Барып калган экен – деп.
Айтып кытай чуу туруп,
Аңгемени бек кылып,
Албан түрдүү кеп кылып.
Күбүрөшө калышып
Күңкү кылып алышып,
Ары-бери карашып,
Артык акыл санашып.
Күңкүлдөшүп кытай журт:
«Мындай эмес кан эле
Коңурбай кандай болгон – деп
Тутанып өлгөн чочкону
Тууганым деп койгон – деп.
Токтой тургун Калчага
Тууганы болор душманы,
Аман болсо бул кандын
Ичинде калар бушманы.
Атасы Алмамбетиңиз
Кылымга салган чуулган,
Ушу келген баласы
Кыргызга барып туулган.
Темирден коргон орноткон,
Кыргыздардын калаасы,
Бу кыргыз болгон кутургур
Бирге болбойт санаасы.
Бозалалуу кызыл туу
Бурч-бурчун тартсак бөлүнбөйт
Ушу турган Күлчоро
Тууганыңдай Коңурбай
Кытайлык түрү көрүнбөйт.
Бу кытай болгон кутургур
Кең Бээжин бойлой конобу,
Алтымыш жылы сактаса
Эзелде тууган болобу?
Бу кутурган капырды
Тууганым деген оңобу?»
Убайым жеп, чуу туруп,
Ушунтип журт турду эле.
Башта буйрук бек кылган
Коңурбайдын кеби бар,
Улугу келсе бул кытай
Ургаачыга жүгүнүп,
Таазим кылган жери бар
Түзү суук кытайдын
Түгөнбөгөн кеби бар.
Коңурбайдын кебине
Көп ынанып чуу туруп,
Күрмө кийген күчтүүсү,
Таш сайынган тазасы
Бадана кийген баатыры,
Шуру отогот, маржан таш,
Луңтуңдун каны аралаш
Таазим кылып чуу туруп,
Улуу Бээжин-Каканчы
Учу түмөн чалгансып,
Ошончодон ушунча
Күлчорону көргөндө
Улугу келип калгансып,
Тизелери бүгүлүп.
Эр Күлчоро келди деп
Улуктары, дөөлөрү,
Бут Бээжинге ээлери,
Калдайлары кандары
Калбай таазим кылды эле,
Канча түркүн жандары.
Качырга дилде артышып,
Мына тууган келди деп,
Күлчорого тартышып.
Мына ошондо Күлчоро
Буурул менен булкунтуп
Буйгат жолун чалганы.
Кабыландай калдайып,

www.bizdin.kg



Калк ичинде арбайып,
Калың кытай элине,
Эзкаранын жанына,
Коң төрөнүн алдына
Күлчоро түшүп калганы.
Мына ошондо Коңурбай
Алгара оозун бурду эми,
Чоң өтүгүн чойкойтуп,
Короздой мойнун койкойтуп,
Алтын айры сыр канжа
Алып тиштеп оозуна
Ары-бери кыйгаштап,
Манжуу журтту бакырып,
Солоон менен шибээни,
Калмак менен кытайды
Калбай кел деп чакырып.
Кан Коңурбай эр көкжал
Көргөн жанды шаштырып,
Жаадай күлүк Алгара ат
Жаның чыккан Коңурбай
Уйгу-туйгу бастырып.
Журт бүлдүрүп шаштырып,
Алтындан тизгин булкунтуп?
Алдындагы Кара атын
Эри өлгөндөй жулкунтуп.
Коңурбайдын кийгени –
Этеги жайык көк күбө,
Ок өтпөгөн бек күбө.
Көөхар топчу муштумдай,
Көрсөң түрү ушундай.
Көк күбөнү жамынып,
Көрчү болсоң Коңурбай
Көк арсландай чамынып.
Үтүрөйүп күүлөнүп,
Ушунетип сүйлөнүп,
Калдай уулу капырың,
Каканчыга ээ болгон
Кан Коңурбай баатырың
Опол-Тоодой оңкоюп
Он сегиз миң ааламды
Соручудай соңкоюп.
Калдай, шибе канына,
Буйрук кылып эр абаң
Көп кытайдын баарына –
«Калың кытай, Каканчы
Зыйкырчың кел, карың кел,
Бүткүл кытай баарың кел.
Күрмө кийген күчтүүң кел,
Чыр-чатакты билчүүң кел.
Калк ичинде күчтүүң кел,
Жаманың калып, карың кел,
Жай ушундай билгенге
Жалпы кытай, баарың кел!
Макооң калып, эриң кел,
Бу сөзүмө көнүңөр.
Сөз түркүгү ушундай,
Сөзүмү тыңдай бериңер!
Бүгүн кыргыздан тууган келиптир.
Кыжылдаган кытай журт,
Тилекти Кудай бериптир.
Буруттан тууган келиптир,
Чын буркан бизге бериптир.
Киши кылбас ой кылган
Элүү башы, миң башы,
Журт баштаган сан башы,
Кайнап журтум, мыктың кел!
Айла билгич акылман
Аябаган мыктууң кел.
Бу күн тууган Күлчоро,
Чоро деген чогоол сөз,
Күлчоро эмес Күлжоро.
Кыргыздан келген туугандын
Кыялы-түрү бир башка,
Кырк уруу кытай күтүп ал.
Бу кылымды кырчу көй кашка
Журт башкарып, эл бакчу
Аалимдиги дагы бар.
Кызыл канды шимирген

www.bizdin.kg



Ушу турган Күлчоро
Залимдиги дагы бар.
Азыр келген Күлчоро
Бөлөгү жок билектеш,
Кырк уруу Кытай – Каканчы,
Кытай журт менен тилектеш.
Көңүл бирге жүрөктөш,
Көрүп кытай күтүп ал,
Кайкаң-чалкар бел ушул,
Менин көзүм өткөндө
Эл баштачу шер ушул.
Талаага салган там ушул,
Менин көзүм жоголсо
Силерге ээ кан ушул,
Уругу кытай баталаш,
Белгилүү тууган Күлчоро
Мени менен аталаш,
Бөлөк көрбө чорону,
Бу да кандын баласы,
Мен да кандын баласы.
Телегейи тең тууган,
Түбү уютку бир тууган.
Жерибиз бирге иргелеш,
Жетик тууган биргелеш.
Казынабыз жыйгандаш,
Билсең мындай Күлчоро
Бирге тууган курбалдаш
Кыргыздан тууган келди деп
Кытай журтум моокум бас.
Улук каным келди деп,
Ушу кытай көзүңдү ач!
Күндүзгүдөй түн болгон
Күнүм келип калыптыр?
Күркүрөгөн кабылан
Бирим келип калыптыр.
Талаа жайга орноткон
Тамым келип калыптыр.
Сенин таалайыңа Күлчоро
Каным келип калыптыр,
Кыргыздан кайра табылып,
Эр Күлчоро дөө келди?
Кырк уруу кытай өзүңө
Кытай турмак кылымды
Багып алар ээ келди.
Билсең кытай алдыңа,
Табылбай турган таалайлуу
Эр Күлчоро шер келди,
Калдайга кабар салгыла,
Алтын таазим кийгизип?
Алтын такка миңгизип
Амыз кылбай чорону
Кан көтөрүп алгыла.
Кыргыздан кайрылып тууган
келди деп,
Ушунтип Кудай берди деп,
Каканга кабар салгыла.
Түгөл кытай чогулуп,
Түпкү канга кат учур,
Кат учурсаң бат учур.
Канга кабар салгыла?
Каалаган шер келди деп,
Бээжиндин какан канынан
Сүйүнчүнү алгыла!
Буттап алтын-зер алып,
Байып жатып калгыла!
Ат баштаган алты миң
Алымыңа берүүчү,
Тоо баштаган төрт миңче
Бу Күлчоро кыраандын
Төрөлүгү болучу,
Төрөлүгүн алгыла,
Бээжинге ээ келди деп,
Бизге Кудай берди деп,
Эсенкан кандын алдына
Журтум, эми кабар салгыла
Эч кимге бербес сүйүнчү
Ошол кандан алгыла!
Кырк кан эли чуу туруп

www.bizdin.kg



Кызык тойго барышсын,
Кызыл алтын, жакут таш
Сүйүнчүгө алышсын.
Ар кабарга барган жан
Айкөл чоро келди деп,
Сүйүнчүнү алышсын,
Байып жатып калышсын.
Кабар берген Каканга
Маңдай жагы Бакбурчун,
Аяк жагы Каканчы
Уксаң мындай кебиме,
Кырк уруунун элине,
Бээжиндиктин жерине
Тилегенин берди деп,
Кып-кызыл күйгөн чок болгон,
Ааламда мындай жок болгон
А Күлчоро келди деп!
Кайнаган кызыл чок экен,
Жаннамда жок экен.
Жел тийбеске баланы
Чатыр кылып алгыла,
Кол баштоочу баланы
Баатыр кылып алгыла,
Көрдүм эле далайды,
Жараткан мындай эрим жок,
Күлчородой керим жок.
Сырты кара, боору көк,
Туура Какан кырк канда
Журтум туулган мындай элим жок
Чын сөз ушул, кеп ушул
Алтын-күмүш азыр, арт
Эр чорого азыр тарт.
Кайран чоро кыраандын
Кан экени билинсин.
Бу Күлчоронун эрдиги,
Кыргыздан жаңы келгени,
Кытайды жаңы көргөнү
Эр экени билинсин.
Кан алдында даңзага
Ал даңзага атагы
Күлчоро деп чийилсин!»
Алөөкөнүн Коңурбай,
Коңурбай минтип турганда
Калың кытай чуу туруп,
Качырга алтын артты эле,
Калбай эли чуркурап
Күлчорого тартты эле.
Кытайга Күлчоро кыраан барды эле,
Ала-Тоодой арбайып,
Аскар-таштай барбайып,
Оң далысы опсуз кең,
Ойротту бузган кайран эр
Кырк кан эли кытайга,
Эзкаранын жанына
Коң төрөнүн алдына
Арбуурулдан барбайып,
Күлчоро түшүп калды эле.
Мына ошондо Күлчоро
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Шамдагайы болжолсуз
Шакылдата кеп баштап:
«Эй, эрим, абам Коң төрөм,
Ааламды билген чоң төрөм,
Айткан сөзгө көнүңүз?
Бул Бээжиндин кандыгын
Сурадым аба, бериңиз!
Кыяны бузуп жер таптым,
Кыргызды бузуп эл таптым.
Ташты бузуп жер таптым?
Манастын канкор уулун эл кылдым
Жан аба, кебим угуп тур,
Жаккан отун өчүрдүм,
Жан-жабылта кыргызды
Бээжинди көздөй көчүрдүм.
Эптүүлүгүм билгиздим,
Манастын уулу канкорду
Бурканым Кудай дедиртип,
Момунтип тилге киргиздим.

www.bizdin.kg



Кайран бурут Семетей
Суур атып жеп келет,
Ушу кайнаган кытай көп журтту
Так өз тууганым деп келет.
Козголуп көрдүм диниңди,
Колуңуз менен жараткан
Колоңуз Кудай чын экен,
Бутуңуз менен жараткан
Бурканың Кудай бул экен.
Кан абам, саа багындык,
Бул айтканың чын экен.
Козголсом сөзгө көнүңүз,
Колодон кылган бурканды
Кокуй, абам, канзаадам
Таазим кылам бериңиз!
Айыл коном күнүңө,
Колодон буркан бириңе,
Кокуй абам Коңурбай,
Бүгүн кирдим диниңе.
Мен каалап келдим диниңди,
Кабылан Калча биримди,
Мен бейлеп билдим бириңди,
Бээжинде чоң кан диниңди.
Мен аңдап келдим өзүңдү,
Акыры жакшы күтүп ал,
Абаке, уга көргүн сөзүмдү.
Мен беттеп билдим шаарыңды,
Бейледим Калча каныңды.
Кааладым Бээжин шаарыңды,
Кастарым тигип келгемин
Эр Коңурбай канымды.
Кечээ, Манастын уулу шер канкор –
Аалам журттан эр канкор,
Топон суу тийбес Чоң-Бээжин
Жер экен деп келатат,
Тоодой болгон эр Калча
Сизди эл экен деп келатат,
Байгамбар баспас Бээжинди
Аркасы бийик Коңурбай
Сизди шер экен деп келатат.
Ала-Тоо кандай, жер кандай,
Алкым жагын чалыңыз,
Манастын жалгыз уулу баатырды
Муну кирдетпей күтүп алыңыз
Ат өтпөй турган кара кыр,
Эл ашуучу бел болду,
Эзелки душман Семетей
Өзүң менен бир тууган жакын
эл болду.
Касиеттүү Коңурбай,
Кан экениң чын болсо,
Касиетиң башында
Бар экениң чын болсо,
Акылга артык көнүңүз
Айкөл Манастын кунун бериңиз!
Чын дүйнөнүн баарысын
Бу канкорго салыңыз.
Чогултуп кыргыз баарысын
Чоң капа кылбай кан аба,
Муну жороо кылып алыңыз.
Деген сөзгө көнүңүз,
Колодон кылган бурканда
Тооп кылам, бериңиз!
Бизге Күлчоро анык тууган деп,
Бизге Чыммачын эли чуу туруп,
Чын ишене бериңиз.
Чын кытайым болду деп,
Чын ишенип көрүңүз.
Көңүлдөгү көп сөздүн
Кирин койбой таштаңыз.
Көөдөндү минтип басыңыз,
Тууганым жаңы келди деп,
Сөз кулпусун ачыңыз!»
Колодон кылган чоң буркан
Муну укканда Коңурбай
Кулдурап колго алды эле,
Коңурбай тооп кылганча
Күлчоро суурул калды эле.

www.bizdin.kg



Шериң шер экенин билгизди,
Бир сапар эмес миң сапар
Колодон кылган бурканды
Кытайдын көөнүн алууга
Төшүнө миң жол тийгизди.
Башы ачык акыл калбады
Баатыр кыраан Күлчоро
Кытайча буркан колго алып
Кытайды кыраан алдады.
Эзкара буркан алды эле,
Эзкаранын колунан
Күлчоро жулуп калды эле.
Айзакерден чоронун
Ыктуулугу чын экен,
Атайы кытай элди таап,
Азып келген чоронун
Мыктуулугу чын экен.
Телегейи тең экен.
Кыргыздан келип кыраандын
Эр Коңурбай шер тапкан,
Кыргыздан качып жат болуп
Кылым кытай эл тапкан.
Чөлгө чыдап берүүчү?
Чөлүкбөгөн чоронун
Буудандыгы чын экен,
Кытайды элим деп келген
Кызыталак кыраандын
Туугандыгы чын экен.
Коңурбай менен Эзкара
Кытайлардын баарысы
Кызык болуп чуу туруп,
Дуугa кирди баарысы.
Адам билип, кеп укпас
Уугa кирди баарысы.
Басылбаган чоң ушак
Чуугa кирди баарысы
Ата, кыраан Күлчоро.
Алмамбеттен туулган
Арыслaндыгы чын экен,
Кыргыз журттан айрылып,
Кытай журтка кайрылып.
Кыйынсынган бул чоро
Тапкандыгы чын экен.
Кылымда мындай баатыр жок,
Арыслaндыгы чын экен.
Чын Кудай деп бурканды
Тапкандыгы чын экен,
Берен да экен шер экен,
Карабжыны кийгизип,
Кан Бээжинди билгизип
Кан көтөрчү неме экен.
Кан төгүшүп жоолаштык,
Бу кыялдар бөөдө экен,
Коңурбай менен Эзкара
Буларыңдан өөдө экен.
Ата, Кудай урган кыраан ай,
Кыргызга кетип калганы
Кудай урган кеп экен.
Ушу турган Бээжинге
Орнотулуу кысталак
Темир кашаа чеп экен.
Туура салса кашатка
Кан болуучу эме экен,
Ушу турган Бээжинге
Улук болуп, бек болуп,
Кан болучу эр экен.
Орго, Дөөдүр алпынан
Өөдөлүк кылат бул чоро.
Баштагы өткөн калкына
Баатыр да экен, шер да экен
Бүт Бээжиндин алпына
Добул какса жел тийбес,
Булуң токой чеп экен.
Кырк уруу кытай Чоң-Бээжин
Күтүп алчу эр экен.
Улуу журт деп кытайды
Көргөндүгү чын экен,
Кылчайбай бурут, кытайга

www.bizdin.kg



Келгендиги чын экен.
Таш сайынган кытайдын
Далайынан өөдө экен,
Күрмө кийгин манжуунун
Күчтүүсүнөн өөдө экен.
Берен да экен, шер да экен,
Белге мыктап байланса,
Темир чочмор эр да экен.
Мендеге мындай кабылбайт,
Артык кыраан бул чоро
Адамга мындай табылбайт.
Кыргын салып ааламга
Жолго жүрчү кул экен,
Айза кармап, жоо басып,
Колдо жүрчү уул экен.
Мөндүрдөй кайнап от күйгөн
Чокко чыдаар уул экен.
Алтымыш түмөн кол келсе,
Жан аябай мол келсе,
Окко чыдаар уул экен.
Айза сунса айкырып,
Адам, топко жараар уул экен.
Талкан салып жол кылар
Белге жараар уул экен.
Туура агызбай токтотуп,
Селге жараар уул экен.
Жумуру баштуу менденин
Берени мындай болобу,
Берен да экен, шер да экен.
Муну мындай деген оңобу,
Заар кайраты бек кыйын
Улук да экен, шер да экен,
Бурканга сексен чокунду,
Бизге кытай болор кези экен.
Беренжинин шуру таш
Тагып алчу уул экен,
Уруулу кытай көп элди,
Уят кылбай бу элди,
Багып алчу неме экен.
Балбандыгы, эрдиги
Тегиз келген жан экен.
Кан көтөрсө Каканга
Коңурбай канча бар экен.
Жайнаган болот ок экен,
Жааннамда жок экен!» –
Деп, ошондо чуу туруп,
Сынчылары сынады.
Калың кытай Каканчы
Бек кубанып чуулады.
Кан тукуму ушу деп,
Эселектин ээси деп
Бул Бээжиндин ээси деп,
Кубангандан кутургур
Коңгуроо бекем кагышты,
Кырк кан эли кыжылдап,
Кыйын чуулап жабылды.
Арак ичип, той кылып,
Эрендер эпсиз чогулду.
Кыргыздан тууган келди деп,
Бизге Кудай берди деп,
Чоңдугу үйдөй чоң буркан
Аса байлап калышты,
Артык кызык тамаша
Кол ичинен салышты.
Тоту куштун куйругун
Токсон түрлөп алдырып,
Карабжынын башына
Асемдетип сайдырып,
Сай сагызган куйругун
Каканга кабар салдырып,
Күлчоро канга керек деп,
Бу кызыкты алдырды.
Касаба кулап, чуу толуп,
Калк чуу түшүп, ой кылып,
Ай-ааламдын баарысын
Күлчоро канга той болуп,
Тазалап таазим кийгизип,
Түркүгү алтын, боосу жез

www.bizdin.kg



Чоң чатырга киргизип,
Эрендерин, шерлерин
Ээликтирип дүрбөтүп,
Көксө болгон карысын
Тамашага бийлетип,
Басылбаган дуу кылып,
Бадыша шашкан чуу кылып,
Чорого мындай той кылып,
Журт жыйылып турду эле.
Балбан дүрбөп жабылып,
Дүңкүлдөк бекем кагылып,
Кайнап кеткен көп улук
Журт кадырлап, чуу түшүп,
Калык минтип турганда
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган шер чоро
Күлкүсү күндү чыгарган,
Күндөй бети кызарган
Көргөн адам кубанган
Көкжал тууган Күлчоро
Бек шамдагай, өткүр эр
Кутургур жайын сурасаң
Куп ошондой кеменгер.
Акырын сүйлөп, бек таштап,
А Күлчоро сөз баштап:
«Улук-кичик чогулган
Карың мында турасың.
Кан Эзкара Коңурбай
Баарың мында турасың.
Кумурскадай кырк уруу
Карың мында турасың,
Балбансыган шериңер
Баарың мында турасың.
Жоонун айласын мыктуу билгендер,
Шериң мында турасың.
Айзакерден абыдан
Ыктууң мында турасың,
Алты айчылык азапты
Азыр тиктеп көрүүчү
Мыктууң мында турасың.
Билгичиңер каныңар.
Улуу-кичүү баарыңар
Ажайыптуу ыктууңар,
Акылга дыйкан мыктууңар,
Ботом, Манастын уулу эр канкор
Семетей айткан кеп эле,
Алып кел, абам бурканын,
Чын агарып кытайга
Чын таазим кылам деди эле.
Аксакал Калча карыңар,
Абайла эл журт, баарыңар.
Барганы кандай буркандын,
Же койгону кандай буркандын?
Колодон кылган жез айза,
Салмактуу чоң иш барында
Сактанары не пайда?
Бу барганы кандай буркандын,
Кыйын Бакай Семетей
Эки кан айткан кеп эле.
Туугандыкка санаса,
Бурут экен дебестен
Айткан сөзгө көнөр деп,
Сүйлөгөн сөзү так болсо,
Айтканы жарык ак болсо,
Касиеттүү Коңурбай
Кан экени чын болсо,
Бир касиет башында
Бар экени чын болсо,
Ителгидей Калчанын
Алгырлыгы чын болсо,
Деген сөзгө көнөр деп,
Тооп кылуучу чоң буркан
Кайран Калча берер деп,
Көөнүң келсе бурканды
Семетейге бериңиз.
Күмүш көздүү, күн көздүү
Күркүрөгөн беренге
Мына Калча берди деп,

www.bizdin.kg



Белекке алып барайын,
Эр Семетей көкжалды
Алдыңызга салайын.
Дегенине көнүңүз,
Чатакташпай чырдашпай
Каканга эсен тартыңыз.
Кабылан атасы Манастын
Кунун берип кайтыңыз.
Калайыктар чогулуп,
Күнгө келген турабыз,
Кыргын болуп көп кытай
Түргө келген турабыз.
Айтканым ушул билип ал,
Абакем, Калча тилимди ал.
Бээжин күтүп жердешкин,
Берен Семетей менен элдешкин.
Жажалашпай тартышкын,
Жадаалдашып урушпай,
Жакшы эл болуп кайтышкын.
Кечээ, айгайлаган чуу болуп,
Азапты жаман башташтык,
Кана чыккан бу мүйүз?
Каспан-Тоонун оюнан,
Кара-Суунун боюнан,
Кыр-Кайыңдын бетинен,
Кыл-Эртиштин четинен
Мурут, куйрук жулуштук,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып уруштук,
Кана пайда болдубу?
Кагыш жаңжал уруштан,
Карасаң мүшкүл жумуштан
Кана абаке Коңурбай,
Сиздин казынаңыз толдубу?
Кагыш кылып эл өлдү,
Эчен түркүн калк өлдү,
Тынчып куу журт турбады,
Кагыш болот дегенде
Калк чуркурап чуулады.
Чатакташып чапчышпай,
Деген сөзгө көнүңүз,
Төрө агам, Манастын кунун бериңиз!
Картайган буурул чагыңда
Каканга аман тартыңыз,
Бегим абам Коңурбай,
Бээжинге эсен кайтыңыз.
Берен канкор, шер менен
Кара суугa кан куюп
Туландуу жерге тутантып,
Өзөн жерди өрттөнгөн.
Өзөн өрттөп май кылган,
Өчөшүнө тийгенде
Өз атасы Жакып канды жай кылган,
Жадаал тууган чоң көкжал
Кыргыздан безип жүргөн соң,
Кытайча динге кирген соң,
Үзүрлүү сөздөн айтыңыз.
Маңдай-тескей турушуп.
Баса куюп арак-аш
Бир-бириңе сунуңуз.
Үзүрлүү сөздөн айтышкын,
Көп сүйлөшүп беттешип,
Бирдикти коюп бир жерге
Дос болушуп кайтышкын.
Үйрүлмөлүү Каркыра
Үйрүлүшүп сүйлөшүп,
Чогулмалуу Каркыра
Чогуу жыйын кылышып,
Кепти ортого башташып,
Кектин баарын таштaшып,
Сөздү ортого башташып,
Кыйшыктын баарын таштaшып
Чын элдешип кайтышкын.
Кош, аман бол! Айтышкын.
Бир элдешип кайтышкын,
Ак буудайдын унундай
Жуурулушкун эки шер,
Ак бөкөндүн кылындай

www.bizdin.kg



Суурулушкан эки шер!
Өзөндөн аккан бигедей
Булак болуп калыңар,
Козголушуп достошуп,
Ынак болуп калыңар.
Шерим аба Коңурбай,
Айткан сөзгө көнүңүз,
Буркан күчүн бериңиз.
Таазим кылып карысын,
Такыр динге киргиздим,
Буруттардын баарысын».
Күлчоро мындай дегенде
Алөөкөнүн Коңурбай:
«Ата, чоро баатыр деп,
Сенин бул айтканың акыл деп.
Көөдөлүү буркан чоң бичик
Оо, ботом, күчү эмес, башын алыңыз!
Мумайрек кылса канкорго
Күчү эмес башын алыңыз.
Манастын жалгыз уулуна
Сыйлыктын алды ушу деп,
Тартуу кыла салыңыз.
Аздык кылса ал буркан
Эзкаранын чоң күпсөр
Чоң тартууга алсын де!
Бириктешип беттешип,
Бир табактан эт жешип,
Кекти таштап беттешип,
Ободон жылдыз боз болуп,
Омуроо такап дос болуп,
Күүлдөтүп кептен башташып,
Күрсүлдөгөн эрликти
Балам, сууга салып ташташып,
Айтканына көнөйүн.
Атасы Манас көкжалдын
Так эле миң эсе кунун берейин.
Алып келгин төрөңдү,
Атактуу канкор эмеңди.
Кагышка шайдоот капырды,
Кан ичер канкор баатырды.
Атасы Манас кунуна
Билериктүү сур жылкым,
Баарысы тулпар көйкашка.
Минилбеген кур жылкы
Түрлүүдөн айдап сан берем,
Момундай түрмөгүн жазбай
мал берем.
Бир түрлүү жылкы кулача,
Маңдайы кашка тумарча,
Баары тулпар көйкашка.
Куландан санды берейин,
Тегиз тулпар сарала
Мындан санды берейин,
Чыйырчыктай карала
Андан санды берейин.
Келсе келчи колунан
Уздан тартуу кылайын
Опсуз сулуу, тейтей бут
Кыздан тартуу кылайын
Чоң-Бээжинде бедел жок,
Коң төрөнүн колунда
Нелер бар да нелер жок.
Сандыргалуу сары аттан,
Сандап айдап тартайын,
Тегиз окшош кара аттан.
Каканга кабар айтайын,
Семетей менен достошуп,
Мен Бээжинге эсен кайтайын
Айтканына көнөйүн,
Айкөлдүн кунун берейин.
Кеп ушундай болду деп,
Мен Бээжинге эсен жөнөйүн».
Деп, өшөнтүп Коңурбай,
Калдай, шибээ жабылып,
Каарданган Калчага
Кайыптан акыл табылып.
Түпүлдөсө төтөлөп,
Опсуз тулпар Кара атын

www.bizdin.kg



Он эки манжуу жетелеп.
Бул абаңыздын жанында
Алты сан черүү сан калдай,
Артыкча эри Коңурбай.
Көк ала сакал чоң манжуу,
Мунун көөхардан топчу муштумдай,
Абаң алдамак болду ушундай.
Арачысы кызыл өрт,
Алмамбет уулу Күлчоро
Кытайдан кыргыз болдум деп,
Өзүң көргөн бул чочко
Тууган болуп койдум деп,
Кан Калчага кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Адам өлөөр шерт кылып,
Кыйла сөздү карашып,
Кылычтын мизин жалашып.
Алмамбет уулу эптүү кул,
Чийген экен сызыкты
Кылган экен кызыкты.
Баштамак болгон кез экен,
Бу Коң төрөгө бузукту.
Эптүүлүгү болжолсуз,
Алмамбет уулу Күлчоро
Ай-ааламды буй кылган,
Атасын тарткан шер чоро.
Кечээ жашы он экиге келгенде
Ордо бузуп олжо алып,
Канга тоюп катыгып,
Кабылан бала аталып.
Көкжалдыгын билгизген,
Кечээ Чынкожону кыйратып,
Көкжалың Толтойду көргө
киргизген.
Кечээ канча жерге чыр салган
Алты-Шаар, Коконго
Аяк жагы Маргалаң
Кечээ, ошону чаап алты алган.
Ата, Шай колдогон шер чоро
Жайдаңдаган эр чоро –
Ай-ааламды буй кылган
Атадан туулган эр чоро.
Коңурбай тилге киргизип,
Терең шер экенин билгизип,
Адам, чиймек болду сызыкты,
Баатырды көрсөң ушундай –
Көкжалың кылмак болду кызыкты.
Арага жүрүп жуукуй кул
Чектептир Бээжин калааны,
Салмак болду башына
Киши көрбөс балааны.
Керүүнү салып көч алып,
Төрөңүз Калчадан эптеп өч алып,
Түбүнө чогуу жетүүгө,
Кыраандын жайы ушундай
Түгөтүп Калчанын башын кесүүгө.
Азапты артык салууга,
Айкөл төрөң Алмамбет
Асылдын өчүн алууга.
Чамасы келсе чапчышып,
Алөөкө кандын Коңурбай
Чалкасынан салууга.
Шамдагай тууган шер чоро
Бет алганы кызыл өрт,
Сан колго тийсе четтеген
Салышкан жоосун өрттөгөн.
Алмамбет уулу чоронун
Шерлиги мынча болобу,
Эрен да экен, шер да экен
Ай-ааламды буй кылган
Атын чоро дээр экен.
Эптүү тууган Күлчоро
Эптүүлүгүн билгизип,
Манжуу каны Эзкара
Алөөкөнүн Коңурбай
Алөөкө тилге киргизип,
Арыслaндыгын билгизип,
Айзакерден чоронун

www.bizdin.kg



Ыктуулугу дагы бар,
Айла тапкыч чоронун
Мыктуулугу дагы бар.
Тилге чечен, кепке уста
Чородой киши болобу,
Кызыталак чорону
Мындай деген оңобу?
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган шер чоро.
Мыктуулугу болжолсуз,
Чоро-чоро аталган
Канга тоюп катыккан.
Кулак угуп, көз көргөн
Билген эрдин баарына
Күлчоро болуп атыккан.
Опсуз тууган шер чоро,
Он эки мүчө тең чоро.
Кабарында бар бекен
Кытай турмак кылымды
Кырып ийчи эр чоро.
Ак марал кууп уй кылган
Атасынан бабасы
Аңтарылган чоронун
Атышкан жерди буй кылган.
Көк марал кууп уй кылган,
Бу көмүлгөн Күлчоро
Кездеген жерди буй кылган
Катагандын карыя
Кан Кошой кирип бата алган
Он эки бирге кол берип
Оңолбогон бул чоро
Канкор чоро аталган.
Тоюна токсон сойдуруп,
Шер атагын койдуруп.
Тулпардыгы көрүнөө
Астында буудан Буурулду
Картайганда Калчаны
Алдап турган кабылан.
Семетейдин тууганы,
Ичсе канга түк тойбос
Кыргыздын шери бу дагы.
Жетим калып атадан,
Жүзүн көрбөй туулган
Чоронун жайы ушундай,
Ааламга салган чуулган.
Мойнуна тумар тагынган
Каныкейге багылып
Тай-кунандай тебишкен,
Анык тууган балага
Талашып эмчек эмишкен.
Болбойт сөздүн бекери,
Баланын жайын сурасаң
Канкор Семетейдин жөкөрү.
Семетей жайы момундай –
Кыргыз, кытай эки уруу
Эл болдук деп шаштырып,
Ортосунда Буурулду
Эри өлгөндөй жулкунтуп.
Аркы-терки бастырып,
Кыргыз, кытай баарысын
Кыргын тийген немедей
Кызык кылып шаштырып.
Ортосунда Күлчоро
Элчиликке бастырып,
Жай-жарагын шайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Ата, билеги жоон, таш жүрөк
Бил мүчөлүү бадирек,
Койгулашта сан колдо
Коркуп колтук ачбаган,
Койгулаша кеткенде
Коендой жерге жанчтаган.
Абийри артык баланын,
Шер экени дагы бар,
Өзү жоонун айласын билген
кеменгер

www.bizdin.kg



Эр экени дагы бар.
Кан ичме канкор будагы,
Кыргыздардын кырааны.
Жаратылган шер эле,
Ааламда жок деги эле.
Добул келсе жел тийгиз
Короолуу коргон чеп эле,
Калың кыргыз кырааны
Кашатка сайган туу эле.
Бу кабылан тууган шер чоро,
Алышкан доого агытса
Карандай мүшкүл чуу ошол.
Жумуру баштуу мендеден
Жаралбай турган бул ошол.
Кең көкүрөк, таш кайрат
Келишимдүү чоронун
Ушундай жообун билели,
Канкор Семетейдин тилеги.
Атка каткан жүгөнү,
Алты айлык калган курсакта
Алакең кандын күмөнү.
Белес, өзөн-булагы,
Ичсе канга тойбогон,
Бет алса жанды койбогон
Бейжайдын бирөө бу дагы.
Кан төгүп жүрүп катыккан,
Кулагы уккан мендеге
Бу кургуруң зайыпбуруш атыккан.
Телегейи тең экен,
Шай колдогон шер экен.
Атагы канкор канетет,
Бу Манастын уулу дебесе,
Семетейден Күлчоро
Айза салым эр экен.
Айласы мыктуу өзү зор,
Ары балбан, ары шер
Өзү жоонун айласын
Ашкере билген артык эр.
Баатырлыгы башкача,
Бу кутурган чоронун
Балбандыгы бир канча.
Булуттай учкан буурулду
Булкундуруп желигип,
Айбандын зору Арбуурул
Алда нече ээлигип,
Буурул минип булкунтуп,
Эпсиз тулпар караанды
Ээлендирип жулкунтуп,
Кашат алтын байбалуу,
Багалеги саймалуу.
Каныкей кылган кандагай
Багалеги балкылдап,
Кырааның Манастан калган Аккелте
Ай далыда жаркылдап,
Ата, күрсүлдөгөн кутургур
Күмүш кисе курчанып,
Күлүңдөп сүйлөп сур салып.
Колго болот балта алып,
Арага турду аттанып.
Ар жак жагы Семетей
Аларга чоро муну айтып,
Алчаңдатып Буурулду
Ал кутургур барыптыр.
Семетей, Бакай, Сарыкан,
Эр абасы Канчоро
Барып акыл салыптыр.
«Сарыкан, Бакай эки абам,
Карың мында турасың.
Канкор абам Семетей,
Эр Канчоро баш болуп,
Баарың мында турасың.
Акыл менен айладан
Асты такыр танбадым.
Алөөкөнүн Коңурбай
Кечилдин каны манжууну
Тууганым деп алдадым,
Айдап жолго салгамын.
Эзкара, Калча карысын

www.bizdin.kg



Кыргын тийген немедей
Кыйын алдап баарысын
Шердик жайым билгиздим,
Калдай уулу капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Алдап тилге киргиздим.
Кырмалуу жактан чалгамын,
Кыргыздан качып келдим деп,
Кытаймын – деп алдадым.
Түп атабыз Чылаба,
Арбагын айта салгамын.
Көкала сакал эр кытай,
Такоолчусу Эзкара
Өрттөнгүр жайы ушундай,
Ушунун баарын алдадым.
Эгиз абам султаным,
Эптүүлүгүм билгиздим,
Эр Коңурбай калчаны
Колуңузга тийгиздим.
Койдой кордук сала көр,
Койбой жанын Калчанын
Башын кесип ала көр.
Эл ичинен сүйрөтүп,
Даңгыттарга жара көр.
Ичинен чыккан кара кан
Жүрөк ооруң жоголсун,
Ичинде дартың оңолсун
Кочуштап жутуп кала көр!
Ооруган жериң басылсын,
Коңурбай колго түшүрсөң
Кокуй, абам кабылан,
Умачтай көзүң ачылсын.
Куйкаланган жүрөгүң
Суу сепкендей басылсын,
Дарт-кумарың жазылсын
Ай-ааламды буй кылган
Калча көрү жазылсын.
Эзкараны көргө киргизип,
Шердикти ашык билгизип,
Армандуу кыргыз аз журтту
Кубандырып күлгүзүп.
Куруп калган бу журттун
Дегенине көнөлү,
Буттап алтын, дүйнө-зер
Он атаң куну ушул деп,
Үлөштүрүп берели.
Эр көңүлүн жай кылып,
Бу кыргызды бай кылып,
Эрдикти артык кылалы.
Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйындарын өлтүрүп,
Кымбатым абам тыналы.
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын талкалап,
Тамашаны кылалы.
Күрмө кийген манжуунун
Күчтүүсүн колго түшүрүп,
Күптүүнүн баарын жазалы.
Тууганым – деп кытайга
Туура сөзду душмандык
Жасап салдым жанына.
Жапал салчу душмандык
Алдап Калча карысын
Кыргын тийген эмедей,
Кымбат абам, угуп тур
Бүгүн кыргын кылам баарысын.
Түшүрдүм манжуу карысын,
Күмүш көздүү, күн жүздүү.
Күркүрөгөн абакем,
Уу ичкендей дардайтып,
Кыргын кылам баарысын.
Чийип чыктым сызыкты,
Кылып келдим Кытайга
Теле кыргыз кылбас кылыкты,
Баштап келдим каканга
Теле атасы көрбөс бузукту.
Бекитип келдим жолдорун,
Билип келдим болжолун.

www.bizdin.kg



Алдап чыктым кытайдын
Абаке, таш сайынган чоңдорун.
Кырынан чалдым калаасын,
Билип келдим кан аба,
Коңурбайдын чамасын.
Улуу Бээжин, Дыңшасын
Улугун тилге киргиздим,
Кан аба, алдап келдим мынчасын.
Эптеп жүрүп эр чороң
Эптүүлүктү билгиздим,
Манастын кунун бергин – деп,
Ушундай сөзгө көнгүн – деп,
Каканга аман тарткын – деп,
Өйүз-бүйүз сүйлөшүп
Эл болушуп кайткын – деп,
Арага жүрүп талбадым.
Эселки кекти эр Калча
Эптүүлүк менен курган жан
Коңурбайын алдадым.
Бакай баштап карыңар,
Эрениң калбай барыңар.
Эреним, абам, султаным,
Кутуруп турат дебестен
Кулуңун тилин алыңар.
Алптын баары арбайып,
Аттан түшүп калыңар.
Бет алышып турганда
Бейжайлуу долу Калчаны
Узунунан салыңар.
Арага минип жүрөмүн,
Арбуурул өңдүү буракты
Кыраандар кайда кеткен деп,
Кызыталак Калчадан
Канкор Бакай абакем,
Ала көргүн суракты.
Эл эмине болор деп,
Эзкара кылар коопту.
Алманбет, Чубак, эр Манас
Кыраандар кайда кетти деп,
Адам, кыжылдаган кытайдан
Кымбат тууган Сары кан,
Ала көргүн жоопту!»
Күлчоро мындай дегенде
Канкор чыкты камынып,
Кан Бакай чыкты кан абам
Күлчорого жалынып:
«Сен өңдөнгөн балага –
Мен абаң Бакай садага!
Ата, кыраан Күлчором,
Баштап берсең бузукту
Коңурбай колго түшүрүп,
Кылып берсең кызыкты.
Карыганда Бакайдын
Жылкыдан тартуу кылайын
Көкчолок өңдүү малымды.
Аздык кылса азыгың
Көөкөргө куюп канымды ал,
Керек болсо абаңдын
Ай Күлчоро жанымды ал.
Бере түнөрүп жаткан Коңурбай
Түз кирип айза сунуп бер,
Түйшүгү кымбат тозоктон
Жанымды азат кылып бер,
Кайкалап жаткан Калчага
Качырып айза сунуп бер,
Калың кыргыз журт үчүн
Алтын кен казган капырдын
Алкымкы жолун чалып бер,
Кырк уруу кытай көп журттан
Кыргыздын кегин алып бер,
Каадага кайсы шер жарар,
Кармашка сен окшогон эр жарар.
Кара курттай капырга
Кагышты катуу салып бер,
Кагылайын Күлчором,
Каадага сендей шер жарар,
Илгерки канкордун кегин алып бер.
Эптүү да элең, шер да элең

www.bizdin.kg



Ааламга кыргын салат деп,
Кагылайын, ишенгеним сен элең.
Кудай үчүн, мен үчүн,
Бир атаңдан калган эл үчүн
Аябай кыргын салып бер.
Алөөкөнүн Коңурбай
Иттен кекти алып бер» –
Деп, ошентип, Бакай кан
«Кармашарың Каканчы,
Кайраты мол бек жарайт,
Катуу согуш кыргынга.
Күлчором, сендей шер жарайт.
Адырдан агар булагым,
Акыры кээге жарайт деп,
Алдейлеп баккан чунагым».
Бакай мындай деген соң,
Баягы баатыр көкжал муну айтат:
«Түзү суук Коңурбай
Түгөнгөн Калча баатырга
Атышты арбын кылалы,
Күпсөрдөн окту жоготуп,
Күрсүлдөшүп туралы.
Маңдайлашып турушуп,
Бакырып айза сунушуп,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Кырчылдашып урушуп,
Мыктап согуш кылалы.
Былкылдак куурай бышканча,
Мыйзамдын күлү учканча
Кайыңдын кийим түр кете,
Теректен текши бүр кете
Мына ушунтип согуш салалы.
Кагышты катуу баштайлы,
Алтымыш келин, тул катын
Айылды каран таштайлы,
Атабыз тийген кең Бээжин
Атышып кыргын баштайлы.
Сакалдуу Бакай карыбыз,
Салыш кылып баарыбыз
Өлүмдөн корккон оңобу?
Ажалдан кайра тарткан жан
Адам болуп оңобу?
Чором, жети күндүн бири өлүм,
Каза жеткен өлбөйбү,
Кадыр Алда кааласа
Чымындай жанды бербейби.
Берište беш кол сунбайбы,
Жан алгычы жалаңкыч
Жанга жакын калганда
Киргизбейби казган көр,
Батырбайбы кара жер.
Өлүмдөн корккон оңобу,
Ажалдан кайткан азамат
Эгерден эки болобу?
Атаңдын көрү, Күлчоро,
Шай колдогон шер чоро –
Шамдагайы болжолсуз
Шапылдаган эр чоро.
Күлчоро, сени көргөндө
Баабединди бат айтып,
Алганымды жаңыдан
Айтуякты бат айтып.
Так токсон беш кызыл нар
Той кылганда сойдуруп,
Ырчыларга ырдатып,
Сынчыларга сындатып,
Мойнуңа тумар тактырып.
Болжолсуз султан болот деп,
Кан атамдын сырдашы –
Кайран Бакай курдашы,
Алтымыш кожо, кырк эшен
Аралаш сынап жактырган.
Алтын бешик алдырып,
Артык тууган болсун деп,
Ал бешикке салдырып,
Каалап баккан Күлчоро,
Каралды кылган сен чором.
Телегейи тең чором,

www.bizdin.kg



Боору кара, сырты көк
Болжолу жок эр чором.
Миң жол көргөн көзүңдү,
Бир керекке жарар деп,
Кадырлап бактым өзүңдү.
Тоюңа токсон сойдурдум,
Алышкан жоону буй кылып,
Кыйратып жерге тыксын – деп,
Атыңды окшош койдурдум.
Балдарга тамак кылам – деп,
Байтал бээден сойгуздум.
Байтал бээнин бал казы
Тишим менен оргузуп,
Тилим менен соргуздум.
Шамал-жели тийер – деп,
Акийнек менен жаптырдым,
Бирөөдөн жалтаң болор деп,
Эпсиз тентек асырап,
Кеп угузбай бактырдым.
Казы менен жаяны
Каалап берип жегиздим,
Калың аргын көп кыргыз
Кимге балан дедирдим.
Кырааным сендей балага
Кымбатың абаң садага.
Ала-Тоону жер жайлап,
Өзөнгө ыктап турганда
Курсагым ачып баратса,
Жаяны кесип жеп жүрөм.
Жанымда болсо Күлчором
Жаңжуңду бузам – деп жүрөм.
Кардым ачып баратса
Казыны кесип жеп жүрөм,
Менин каралдым чором барында,
Кытай бир турмак кылымга
О, ботом, кыргынды салам – деп жүрөм.
Куйругун шүйсөм Тайбуурул
Тулпарды чапсам алыска
Атым келер – деп жүрөм.
Чоңдугу тоодон Күлчором
Кыйкырып турса жанымда,
Кытай бир турмак кылымга
Датым келер – деп жүрөм.
Кара кылыч Зулпукор
Көөлөшөрмүн – деп жүрөм
Кайран чором барында,
Ай-ааламдын баарына
Жөөлөшөрмүн деп жүрөм.
Кызыл кылыч Зулпукор
Көөлөшөрмүн – деп жүрөм,
Менин маңдайымда бараң бар,
Басташчы жоом далай бар.
Басып кирип талкалап,
Кайран чором барында
Кан болормун – деп жүрөм.
Күлчором көзү түз болсо,
Ала-Тоодой аңкайган,
Ашуусу бийик заңкайган
Бел болормун – деп жүрөм.
Атагым ашып ааламга,
Шер болормун – деп жүрөм.
Катылышсам Каканга
Көөлөп билем дечү элем,
Кармашкан кытай манжууну
Күчкө салып жөн эле
Жөөлөп билем деп жүрөм.
Кармашканым Каканчы,
Кайра тийип жабылтып,
Канын союп багынтып,
Тилге келген адамды
Тилге салып багынтып,
Тил билбеген айбанды
Динге салып багынтып,
Кайкалаган Кара-Тоо
Карс өзөндүн этегин
Жол кылармын – деп турам.
Калың кытай Бээжинди

www.bizdin.kg



Кор кылармын – деп турам.
Чынмачынды Какандын
Жерин алам – деп турам,
Жер үстүндө кырк уруу
Элин алам – деп турам.
Кабыландын, айкөлдүн
Өчүн алам дечү элем,
Үркүп качса кытайды
Кең-Жайлактын оозунан
Алтын кендин тоосунан
Жерин алам дечү элем,
Алмамбет, Чубак, Сыргактын
Кегин алам дечү элем.
Четин бузуп Бээжиндин
Бу кыргыздын жери – деп,
Кан көтөрөм – деп жүрөм.
Каканчыны талкалап,
Картайганда Бакайды
Калың кытай каканга
Кан көтөрөм – деп жүрөм.
Бурулушуп урушуп,
Айкырып айза сунушуп
Бурулганда Каканга
Бузук кылам – деп жүрөм.
Беттешкенде Коңурбай
Берен Күлчоро көзү түз болсо,
Кызык кылам – деп жүрөм.
Кум өрттөнүп жайнаган,
Кумга койсо казаны
Куркурап чыгып кайнаган,
Жан-жаныбар макулук
Кез болсо жаны калбаган.
Мунарыктап бурчтанган
Булуңкур чаңдап урчтанган,
Тооруп келип кытайды
Жерин алам – деп жүрөм.
Толгон кытай кырк кандын
Колун алам – деп жүрөм.
Улуңтундун уулунан,
Чоң-Каспандын тоосунан,
Капсаландуу Кара-Суу
Илгеркилер кеп кылган
Карасаат мына бул.
Кара-Суунун оюнан,
Таш-Капчалдын оозунан,
Каспан-Тоонун тоосунан
Алтын кени казына,
Кенин алам – деп жүрөм.
Кырк уруу кытай Бээжинден
Чай алуучу Кара-Тоо –
Чалкалаган бийик тоо
Жерин алам – деп жүрөм.
Ала дамбал, көк көйнөк,
Кара топу, кең чалбар
Катын сындуу көп кытай
Мен элин алам – деп жүрөм.
Жакут чыкчы Кара-Тоо
Көхар-Сай дейт мына бу.
Качыр, төөсүн олжолоп,
Тартып алам – деп турам.
Агар алтын, ак күмүш
Олжо кылып Какандан
Артып алам – деп жүрөм.
Казынасын талкалап,
Шаарын бузуп дилде алып,
Олжо кылып билди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Кара көздөн миңди алып,
Касташарым Каканчын,
Кастарым тигип муну алып,
Бузук кылам – деп жүрөм.
Базарлуу шаарга Сары кан
Бузук кылам – деп жүрөм,
Калк баспаган капчалды
Каарланып чамынсам,
Жол кылармын – деп жүрөм.
Топон суу жетпес Бээжинге
Тобум жетет – деп жүрөм.

www.bizdin.kg



Байгамбар баспас Бээжинге
Баатырлар тегиз турганда
Баркым жетет деп жүрөм.
Менин кармашканым Каканчын,
Менин бейлеген жоом Коңурбай
Бээжинге бүлүк салам деп,
Бээжиндеги Коңурбай
Бейлим турат алам деп.
Каарландык какайдык
Какан журтун кырууга
Кара калмак, манжууга
Кагышты катуу салууга.
Кармашканым Коңурбай,
Атамын өчүн алууга.
Беттешкеним көп кытай,
Белсенип белди буунганга
Бет алып чыктык Бээжинди
Канкор атам Манастын кунун
куунганга.
Айлансам болот береки
Күлчоро өңдүү туунганга,
Койгулашып Коңурбай
Колун бузуп турганга.
Каралды болгон Күлчоро,
Каралды мындай балага
Менин кара жаным садага!
Кудай үчүн, мен үчүн
Каканчынын кытайдын
Кандарына барып кел,
Чамаң жетсе Калчаны
Чалкасынан салып кел.
Баатыр болсоң шер болсоң,
Эр Күлчоро сен болсоң,
Канына карап сала көр,
Колуңа тийсе Калчаны
Тирүү кармап алакел!
Каралды кылып отурган
Эр Күлчором бара көр!
Телегейиң тең эле
Таластан Кошой шер чыкпайт,
Каралды кылган көлөкөм,
Кыргыздан сендей шер чыкпайт.
Кырааным сендей балага,
Кымбат абаң садага!
Чоролор, сендей балага,
Чогуу эле кыргыз садага!
Кара зоңгок белимсиң,
Өткөн Манас канкордон
Каралды кылган тууган жок,
Көрүп койсо көөнүм ток,
Өлүмдөн башка караал жок,
Көргөн сайын көөнү ток.
Менде көлөкө жалгыз сенче жок.
Атаңдын көрү, жалгыздык,
Ичим өрттөнүп боорум чок.
Каралды кылган Күлчором
Канкорум аман болсун деп,
Ойлогон сайын көөнүм ток.
Акыл таап жоого кирүүчү,
Айкырып жоого тийүүчү,
Керишке минер буудан жок.
Кейийт ко жалгыз абакең,
Жалгыз өзүңдөн башка тууган жок.
Жараткан жалгап алгын деп,
Жалгыз жүрөт элчиге.
Күлчородой байкушка
Жараткан көзүң салгын деп,
Тоорулга минер буудан жок,
Ата, томсорто көрбө жараткан
Чородон башка тууган жок.
Менде белги кылчу белим жок,
Ушу чородон башка элим жок» –
Деп, ошентип, Семетей:
«Кытай милек, эр жалгыз
Чорону Кудай сактай көр!
Ата, Күлчородой балага
Күркүрөп кыргыз, көп аргын
Такыр кетсин садага!»

www.bizdin.kg



Семетей тилин алды эле,
Калың кыргыз, көп аргын
Кошо кейип чуркурап,
Кол көтөрүп кан Бакай
Бир жактан зарлап ыйлап буркурап.
Калың кыргыз калк ыйлап,
Кан дөөлөрү жалпы ыйлап,
Качанда болсо эр жалгыз
Бу каалаган жоого кирет деп,
Каранды кылган бир жан жок.
Качанда болсо бу көкжал
Өзү жалгыз кирет деп,
Казам жетсе өлөмүн,
Ушу кагылайын чоромо
Ар качандан бир качан
Атадан жалгыз мен байкуш
Эмне кылып беремин?
Капаланып канкор шер,
Каарланып иш бүтөп,
Жалындап ичи чок болуп,
Жакшынакай курган эр
Калдайды кырат кун бүтөп,
Кантер экен чором – деп,
Берениң каңырыгы бек түтөп.
Ата, короздой болгон кайран шер
Улукка жакын шериңиз,
Бул түбү бир көкжал эриндин.
Түбү кабылан тууган эриңиз
Алмамбет уулу шер чороң,
Жайдаңдаган эр чороң
Жазайылын салынып,
Жаны күйүп, кайран эр
Абасына жалынып:
«Күндө кейий бербегин,
Кан абам, күйүп кеткен балаңа.
Капыр менен бусурман
Казаттын жайы, ушундай,
Ким ыраазы мунуңа.
Ата, кейий бербе кан аба,
Кешиги жок кулуңа.
Өлбөй аман мен жүрсөм,
Кой териси уул элем.
Өлүп калсам тырайып,
Ит териси уул кул элем.
Белди бекем буушкан,
Бегирек кейий бергендей,
Берениң өзүң менен туушкан
Айдай болгон Манастын
Как белинен сызышкан,
Кара бет энем Каныкей
Жатынын жара тээп чыгышкан,
Кайгыланып тургудай,
Капаланып шер абам,
Кайгыланып кыйналба,
Кайсы жерде Манас уулу элем?
Баатыр, күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн шер абам,
Ай-ааламды буй кылган
Ата, айланайын эр абам,
Менин чындашканым Коңурбай
Чын алдап алдым чочкону
Ыгыма келсе чаламын.
Менин аңдышканым Эзкара,
Оңтойго келсе калмакты
Аңтара серпип калармын.
Эсептүү жинин кагармын,
Аңдышкан жоом Коңурбай
Алдап алдым итиңди,
Айласын эптеп табармын.
Ата, айланайын абаке,
Ажалым жетсе өлөрмүн.
Ажал жетпей күн бүтпөй,
Айлам жетсе Калчаны
Бир кызык кылып берермин.
Аңкоо да элең, шер да элең,
Эрдигиң бар, эсиң жок
Тил албас канкор эр элең.
Айтканымды билип ал,

www.bizdin.kg



Айкөл абам, тилимди ал.
Сүйлөгөнүм билип ал,
Кокуй күн абам тилимди ал!
Шерлигимди билгизип,
Алөөкөнүн Коңурбай
Капырыңдын Кара атын
Капталында канатын
Кулак угуп, көз көргөн
Жерге чуркап кутуруп,
Чуркап жүргөн адатын.
Берендикти билгизип,
Кара атын колго тийгизип,
Кырк уруу кытай, кымбат журт
Көптүгү түмөн кара курт.
Кытай элин жандатпа,
Келиндерче жүгүнсө
Кара атын кайра алдатпа.
Мергени бар, сели бар
Каарына алып каптаса,
Атаң Манастан бери Коңурбай
Ар качандан бир качан
Алдап жүргөн жөнү бар.
Кытаймын деп жаңдадым,
Кылымдан бөтөн алдадым.
Улуксунган Калчаны
Ушунтип колго тийгизем.
Берен абам кабылан.
Беттешкенде сомдой көр,
Алдатбастан ондой көр.
Кең-Кол талаа Суусамыр
Коңурбай чалган жол эле,
Атабыз Манас айкөлдү
Алдап жүргөн кол эле.
Беделден бери доңуздун
Алдай жүргөн жолу эле.
Бек зыйкырчы уул эле,
Мендеден бөлөк эр эле
Ай-ааламга атагы
Чыга жүргөн шер эле.
Абакем төрөм, мунумду ук,
Мен кылуучу шумумду ук!
Буурулду оңдоп токунам,
Ант бар бекен ал жоого
Кытайлардай чокунам.
Бутканасын алганда,
Буруп жоого салганда
Бузулуп кытай кетти – деп,
Булкунуп аба, калбагын.
Киши тартпас чоң бүлүк
Жалгыз Күлчорого салбагын.
Буруксуган манжуунун
Бул ичине кетти – деп,
Колу менен жасаган
Колодон кылган бурканга
Кудай кылып кетти – деп,
Каза көрбө орумду.
Каарланып кокоюп
Кабылан аба, султаным
Кайната көрбө шорумду.
Ал Каканчы, кырк канга
Канын союп кыйратып,
Бир салайын сонунду.
Айтканым ушул билип ал,
Кытайды алдап буруууга,
Кымбатым абам, тилимди ал
Буурулду берсең минейин,
Кул эмес, кан дедиртип,
Арасында жүрөйүн.
Атаңан калган мураапың*,
Атышар жоого кез келди.
Аккелте* берсең алайын,
Ай далыма асынып,
Анан Калча барайын.
Атасы Манастан мыкты дедиртип,
Кырк уруу кытай Бээжинди
Жүрөгүн минтип алайын.
Улук келген эмедей,
Дүрбөп кытай жүгүрсүн,

www.bizdin.kg



Кан атам Манасты көргөн немедей.
Каканчы жандан түңүлсүн.
Аколпок берсең кийейин,
Алчаңдатып Буурулду
Араңызга жүрөмүн.
Алдатпаса кытайды
Так Бээжинге чейин сүрөйүн.
Боз кисе белге чалайын,
Алмамбет кандын өзүндөй,
Өзү эмес, кара көзүндөй
Кайкалатып Буурулду
Арага кирип барайын.
Кырк уруу кытай, Бээжин журт
Кыстоого кыйын салайын.
Кыямат кеткен шерлердин,
Зайыпбуруш эрлердин,
Ушунтип кегин алайын.
Алты кан сайсаң желекке
Уңгусу болот, учу курч
Сыр айза бергин белекке.
Белекке айза аламын,
Түйшүктүн жолун саламын.
Үтүрөйүп саксайса,
Калдай уулу капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Кыйын шаар Дыңшааны,
Кыргын кылып кытайды,
Кыйратамын мынчаны.
Өзөнгө токтоор малым жок,
Өз тууганым Калчадан
Өлүмдөн аяр жаным жок.
Кашатка жаяр малым жок,
Калың кытай жоолошсун,
Кармаштан аяр жаным жок».
Жаркылдаган чорого
Жана төрөң муну айтып:
«Бурулган сендей балага,
Ата, кагылайын Күлчором,
Буурулум кетсин садага!
Сен өңдөнгөн балага,
Абакең, буудан садага!» –
Бербеймин деп айталбай,
Берендин көөнүн кайтарбай,
Кой бала, деп айталбай,
Кокуйдун көөнүн кайтарбай,
Түшүп берди Буурулду,
Чечип берди буулумду.
Жай-жарагын шайланып,
Жалаң кылыч байланып,
Күлүстөн Күлчорого карматып.
Ок өтпөстү кийгизип,
Шер экенин билгизип.
Жалаңдаган чоронун
Жабдыкты берип колуна,
Баатырды салды жолуна.
Баланын жайын караба,
Токсон кара букачар
Кескилетип жиберди.
Бирөөнүн көзү тиет деп,
Чорого чапты садага*.
Абасынан бууданды
Ал Күлчоро сурады,
Алтын таман үзөңгү,
Теппей ыргып чурады.
Теги көкжал турабы,
Үйрүлмөнүн сазына,
Тээк-Тоонун башына
Теги көкжал кыраанды
Арачысы Күлчоро –
Шапылдаган шер чоро,
Шамдагай тууган эр чоро
Илкерки өткөн Алмаңдан
Ай-ааламды буй кылган
Алакең төрөң балбандан
Арта тууган шер чоро.
Кымбат төрө Семетей
Көк сеңирдин урчукта,
Көмкөрүлгөн тумшукта.

www.bizdin.kg



Аргын кыргыз калың журт
Үйрүлүшүп турушту.
Чогулманын сазына
Кытай, кыргыз кыжылдап,
Кара курттай быжылдап
Чогуу жыйын кылышты.
Чогулушуп турушту,
Арага жүрдү Күлчоро
Көпту көргөн шер чоро,
Кытай менен кыргыздын
Кылыгын билген эр чоро.
Көрсөң көңүл бөлүнүп,
Көкжал Семетей түштү бир жонго.
Көк сеңирдей көрүнүп,
Тоо үстүндө булуттун
Салкынындай көрүнүп,
Томурайган капчалдын
Алкымындай көрүнүп,
Башы тоонун сеңирдей,
Өзөндүн жарым теңиндей,
Кезиккенди жегидей,
Келберсиген өрттөнгүр
Огу сайдын ташындай,
Мурунунун түтүнү
Көк айдаң талаа урчуктай,
Көрсөң терең ушундай,
Аа Семетей түшкөндө,
Опсуз чатыр ордосу
Ойлоп киши жаткандай.
Он эки миң былк этпей,
Аты менен баткандай.
Ар кайсысы туш-туштан
Ордо атышып жаткандай
Төрөнүн жайы ушундай.
Кырмалуу жагдан, кырк килем
Кыр-кырына жайдырып,
Кымбат кан Манастан калган
кызыл туу
Асмандата сайдырып,
Айчыгы алтын туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп
Күн касаба туу болуп,
Күңгүрөгөн чуу болуп,
Дүнүйөнү жайнатып
Жылкынын кысыр тайларын
Жан казанга кайнатып.
Жабылып эл түштү эле,
Эр Семетей, Бакай кан
Камыныша түштү эле.
Айчыгы алтын сыр айза
Асмандатып аштатып,
Ай-ааламдын баарысын
Кулпундура баштатып,
Аны мындай таштаңар,
Кырк уруу кытай Коңурбай
Ошондон кабар баштаңар.
Кароолго чыккан ченчиси,
Арага жүргөн элчиси
Албан түрлүү жан болуп,
Алмамбет уулу Күлчоро
Арачысы ал болуп,
Арага жүрүп көкжал шер
Калдай уулу капырды,
Кан Коңурбай баатырды,
Эзгараны, кандарын,
Алдап алган кези экен,
Арага чоро ак жолтой
Жандап алган кези экен.
Коңурбайга барды эле,
Эр каалаган чоң кептен
Салып алган кези экен,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Куйкуланган кутургур
Таазим кылып Калчага
Келиндерче жүгүнүп.
Чоро минтип турганда
Сакалдуу Калча карысы,
Эзкара баштык карысы,

www.bizdin.kg



Таш сайынган кандары
Толуп жаткан жандары,
Өзөк кылып Чорону.
Адам, барганды колго алыптыр,
Кырк уруу кытай элине
Кыйын болуп калыптыр:
«Бул бурутта жүрүптүр,
Буркандын Кудай экенин
Чоро жакшы билиптир,
Муну бурут-кыргыз деп,
Ушак кылуу бөөдө экен.
Бурканды Кудай деп турат,
Бизден дини өөдө экен,
Эрен да экен, шер да экен,
Эбегейсиз эр да экен ,
Ушу Каканчылуу Бээжинди
Күтүп алчу эр да экен,
Амалсыздан туулуп,
Ал бурутта жүрүптүр,
Биздин буркан Кудайды
Бизден өөдө билиптир.
Буркан жайын биле албай,
Бурутта араң жүрүптүр.
Жаңы келип тууган таап,
Буркандын теңир экенин
Бу кысталак бала билиптир.
Чын белбоолуу кандардын
Чын тукуму бул экен.
Күрмө кийген кандардын
Күчтүүсүнүн өзү экен,
Карапчы кийген калдайдын
Караган кара көзү экен,
Бадана кийген манжуунун
Баатырынын өзү экен,
Чын кытайдын тукуму
Чынмачынга бел экен.
Кырк уруу кытай бул элди
Күлүктөрүн жоорутпай,
Көңүлдөрүн оорутпай
Күтүп алчу эр экен.
Кан тукуму тентиген
Карасак жаман, бөөдө экен.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Айза салым өөдө экен,
Телегейи тең экен,
Күрдөлүү кытай, кырк кан эл
Күтүп алчу уул экен.
Балбан да экен, дөө да экен,
Биздин чоң Бээжинге ээ да экен.
Беренжини байланып,
Беш-Бээжинди айланып,
Бээжин күтөр экен.
Бээжин күтөр эрке экен,
Карабжыны салынып,
Көк жолборстой чамынып,
Калдай күтчү эр экен.
Беренжи кийип белсенип,
Бери ургандай теңселип,
Бээжин эли күтөр эр экен.
Аяк-башы Каканчы,
Үсту Кеңтун, Бакбурчун
Ушунча шаар айланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кытайды күтөр эр экен,
Телегейи тең экен,
Коңурбай көзү жоголсо,
Кырк кан эли кытайга
Ээ болучу кул экен.
Узун бойлуу, кең далы,
Кабагы бийик, заары күч
Катылганды кылар түз,
Берен экен, бел экен,
Кылымдан артык неме экен.
Чоң-Бээжинди билгизип,
Алтын такты мингизип,
Каканчындын Бээжинге
Кан көтөрчү эр экен.

www.bizdin.kg



Кызыл болот Зулпукор
Алчу сыны бар экен.
Аалам күтүп, эл бийлеп,
Калчу сыны бар экен.
Борумун көрсөм балбандай,
Эл башкарып журт күткөн
Ай-ааламга чыр салып,
Атагы чыккан зарларды
Каары күчтүү өзү шер,
Биздин Какандa болсо ушул эр.
Уңгусу болот, учу курч
Адам саяр Зулпукор
Ачтай турган уул экен,
Ай-ааламга бир дүмөк
Баштай турган уул экен.
Кечээ, шуру отогот, маржан таш,
Луңтундун каны аралаш
Бейлесек мынча бел чыкпайт,
Көрдүк эле мынчаны
Кытайдан мындай эр чыкпайт».
Кытай чуулан муну айтып,
Керней-сурнай тартылып,
Керикке ок-дары артылып,
Боз ала желек туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Арбынырак дуу болуп.
Эр Коңурбай баатырдын,
Эң бир мыктуу капырдын
Кол жанында Кең-Туңдун
Кендемеде эл турду.
А Коңурбай калчанын
Айзасы болот бедел жок,
А Калчанын колунда
Нелер бар да, нелер жок.
Кайнап жаткан колунда,
Албан түрлүү балбаны,
Ашкан экен кылымдан
Коңурбайдын жаңжалы.
Балбанынын ичинде
Кыжылдаган капырдын,
Кылымды билген баатырдын
Толуп жатат балбаны,
Сынчылары, дөөлөрү
Чоң-Бээжинге ээлери,
Кара сакал Дыңшасы
Ажайыптан окуган
Катуу сынчы мынчасы
Темир аркан торунан,
Теминген тегин кетпеген
Тегиз канжарколчону,
Доңузга тойбос жөөлөрү,
Адам жанын чыгарган
Алып кайсап өтчүдөй,
Азыр түпкө жетчүдөй,
Ороңдоп койсо ааламды
Ойрон кылып кетчүдөй.
Качыр минип, айза алган,
Каргыш тийген кандай жан.
Көргөн адам чочуган,
Балбандары капырдын,
Балбандары башкача.
Көргөн адам чочуган,
Кутургурдун балбаны
Ажайыптан окуган.
Сынчылары, шерлери,
Алтайчылык азапты
Азыр көрөр сынчысы,
Сынчысын айдап алды эле,
Берен чоро көкжалды
Сынчы сынап калды эле.
Коломсоктой Коң төрө –
«Ай-аалам билген зор төрө,
Зор төрөнүн жанына
Манжуу каны Эзкара
Баары турган кезекте
Барган экен сынчысы.
Таазим кылып кутуруп,
Баскан жерин тамандап,

www.bizdin.kg



Көргөнүн айтып баланы
Сынчы кирди жамандап:
«Ай-аалам ээси Коң төрөм,
Аябаган зор төрөм!
Каканчыдан көп улук,
Каалап келдик бир сөздү
Каным, кандай болот деп,
Шайлап келдик бир сөздү.
Жакшы болсо бул акыл,
Макул деп тил алыңыз.
Жаман болсо бул акыл,
Тегиз койбой куу жанды
Текши кырып салыңыз!
Баатырыбыз, шерибиз,
Балаага калып жүрбөңүз.
Баатыр Калча эрибиз,
Тууган деген балаңыз –
Кутургурду караңыз.
Бөтөнү турат сөзүндө,
Бөлөгү турат көзүндө.
Чалгырты турат сөзүндө,
Чалгайы турат көзүндө,
Чамасы келсе тууганың
Чалганы турат өзүңдү,
Айласы келсе бул бала
Бөлгөнү турат өзүңдү.
Кыргыздан тууган болобу,
Сенин кытай кыйрыңдан чыккан оңорбу?
Бу кыргыздан келген бачагар
Сизге тууган болорбу?
Каруусун салар күбүңө,
Бу кыргыздан келген кысталак
Эптесе жетер түбүңө,
Баатыр, бадана кийсең оңобу?
Байкагын Калча кебимди
Башка өскөн тууган болобу?
Бөтөнчө тонуң оңобу,
Бөлөгүң тууган болобу?
Кош бадана, торгой көз
Сыр айза сайсак бөлүнбөйт,
Кыргыздан келген тууганың
Кытайлык түрү көрүнбөйт.
Кызыл-тазыл эндей боз
Кыр-кырын тытсак бөлүнбөйт,
Кокустан кытайдан тийсе колуна,
Мунуңуз кылчаяр неме көрүнбөйт.
Кош бадана кадиктин
Колтугун чойсок бөлүнбөйт,
Бу каалап турган тууганың
Калмактан тийсе колуна
Кайрылар неме көрүнбөйт.
Амач болсо тууганың,
Алдап киер тонуңду,
Саган түбүндө салар сонунду.
Эптүүлөңдү бу кыргыз
Тууганым деп калбайбы,
Туура төрөм муну ойлон
Сенин тулпарың алдап албайбы!
Тулпарың колго тийген соң
Сени туура жинге салбайбы?
Туура болсо тууганың,
Тонуңду алдап кийбейби,
Сенин тобуңду ылдый сүрбөйбү.
Аман болсо кыргызың
Айзасын кармап имерер,
Айылдаш сырың билген соң,
Сенин айлыңды бузуп жиберер.
Бейлеп билер дайныңды,
Аман болсо бул кыргыз
Сени Бээжинге чейин сүрбөйбү.
Сырыңды билсе тууганың,
Элиңди кууп чаппайбы,
Алдасак тууган болду деп,
Эсебиң минтип таппайбы!
Бал тилге салып кыргызың,
Ичпесин алдап ашыңды,
Келип тууган болдум деп,

www.bizdin.kg



Кеспесин эптеп башыңды.
Шыпырбасын октонду,
Сырыңды билсе кыргызың
Аңтарбасын бокчоңду*.
Сенин тартууга тайың жебесин,
Кулжуңдап кетсе кутургур
Айлыңды кырам дебесин!
Курчап алдап куу бурут
Тулпарды каалап минбесин,
Калтырбай айдап бурутуң
Бизди Каканга чейин сүрбөсүн.
Таштууну сайып жебесин,
Атамдын куну дебесин.
Күчтүүнү сайып сойбосун,
Күпүлдөп канга тойбосун.
Кыйратып колуң чаппасын,
Эсебин эптеп таппасын.
Эби жок жаңжал кылбасын,
Элиңди айдап кырбасын,
Сураса бербес Алгараң
Бу кытай суук укурук салбасын!
Алты миң кытай сан калдай
Ачуусу келсе бу кытай
Кылычтап башың албасын.
Көзү кызыл күйгөн чок,
Окчонтою толук ок.
Оолжуган баланды
Ойлоп жүрчү Коңурбай,
Төрөм туугандыгы такыр жок» –
Деп, ошентип, сынчы Аяр
Сыздап айтып турганы
Каарланып какайып,
Калчаны Кудай урганы.
Азыр кыргын кылам – деп,
Кылыч сууруп бакырды,
Кырк төрөсүн чакырды.
Айтып турган аярга,
Эл каалаган сынчыга,
Бежиреп айтып турчуга
Каары келип какайып,
Катуу жини кармады.
Төбө чачы түксөйүп,
Төрөнүн кежиге чачы сүксөйүп,
Алгыр кара бүркүтчө
Ачууланып үксөйдү.
Каарды жаман баштады,
Аярлар эмес кандарын
Кырып ие таштады.
«Буруттан кеткен бир тууган
Бурулуп жаңы келерде,
Бу колго жаңы тиерде,
Бурканды Кудай экен – деп,
Жапжаңыдан келерде,
Таш сыйынып чамынып,
Улуп турган экенсиң,
Душман кылып тууганымды
Бузуп турган экенсиң.
Картайганда Калчаны
Көрөйүн деген экенсиң,
Агасынан инисин
Бөлөйүн деген экенсиң.
Ааламга чейин кан болду,
Ак ала сакал манжууну
Сен көрөйүн деген экенсиң.
Эптесе бузук өнөрдү
Багайын деген экенсиң,
Эзелки жиним сен сынчым,
Кагайын деген экенсиң.
Душман кылып инимди
Түгөткөнү турупсуң,
Картайганда динимди
Жоо кылганы турупсуң,
Жаңыдан келген инимди.
Атаңдын көрү, аярлар,
Ар качандан бир качан
Жадыкөйүң койбойсуң,
Жаман сөз айтып оңбойсуң.
Атабыз бирге Чылаба,

www.bizdin.kg



Алыстатып сөз сүйлөп,
Сен бузукунду койбойсуң.
Өрттөнгөн кептен кыласың,
Тууганым душман кыласың.
Өз тууганым жоо кылып,
Ушинтип маа кыласың.
Ырдатмак болдуң ырымды,
Күркүрөгөн аярлар*,
Күчөттүң минтип чырымды.
Артыкча бузук кеп сүйлөп,
Алдырмак болдуң башымды.
Сурамак болдуң аярлар,
Менин капкайдагы жашымды.
Чиритмек болдуң күбүмдү,
Ченебеген иш кылып,
Атаңдын көрү, сынчылар,
Жетмек болдуң түбүмө.
Чалгынга миндиң бууданды
Аңылдай берип аярлар,
Айрымак болдуң тууганды» –
Деп, ошентип, Коңурбай
Каарланып үксөйүп,
Капаланып түктөйүп
Катынын кара баскансып
Кулжуңдады Коңурбай
Куугуну азыр качкансып.
Каары келип какайды,
Соруп ийчи көздөнүп,
Көзү ар жакка кайнады,
Карсылдатып кайран тиш
Бөлө-бөлө чайнады.
Оңурайып көз кычык:
Көзү көлдүн буткулдай,
Көмүлгүр жайы ушундай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Жер токмоктоп жээлигип.
Эр Калча кепти баштады.
Коңурбай каарын көргөндө
Кырк уруу кытай элдери,
Кыйынсынган шерлери
Жалпы кытай чуркурап,
Жандан кечип таштады.
Алөөкөнүн Коңурбай
Айкырык салды доңуз ай.
Калчанын жайы момундай,
Карасаң жаман сонун ай.
Каарланса кытайды
Кылыч менен оргудай
Кыймылдаса кытайдын
Бирөөн койбой соргудай.
Көкжалдыгы көрүнүп
Көрсөң мындай Коңурбай.
«Атаңдын көрү, кытай журт
Таш сайынган зыңгырап,
Улук турган экенсиң.
Агасынан инисин
Ара жерде сен кытай,
Бузуп турган экенсиң.
Көз ачык болдум Калчага
Нетейин деген экенсиң,
Көп көрүнөө түбүмө
Кажылдаган ит кытай,
Жетейин деген экенсиң,
Калчанын көзүн жоготуп,
Каканды көздөй сен кытай,
Кетейин деген экенсиң.
Ченде жок жиним карматсаң
Чечемин кытай тонуңду,
Кыламын кырып сонунду.
Ээлигип жиним кармаса
Эсебиң чогуу таппасам.
Каарым келсе какайып,
Капкайда жиниң какпасам» –
Деп, ошентип, Коңурбай
Атаңдын көрү, Каканчы,
Түзөйт десе, кырк аяр
Булумду булап алдың го,
Бузукту маган салдың го.

www.bizdin.kg



Атаңдын көрү аярлар,
Алтайлык мүшкүл билет деп,
Айтып бердиң далай кеп.
Ким ишенет сөзүңө,
Душман болдуң өзүмө.
Кочураган аярлар,
Жоо көрүндүң көзүмө.
Жолуң бул аяр, оолак кет,
Көрүнбөгүн көзүмө.
Кармашка минсем камсыкпайт,
Кандай адам жетүчү,
Канаты бар бууданга,
Каршылыкты көргөздүң
Кайрылып келген тууганга.
Кастарың тигип какайдың,
Тууганым келип турганга.
Атабыз какан Чылаба
Азып-тентип башка өстүк,
Тууганды жайын сураба» –
Деп, ошентип, Коңурбай.
Чоң өтүгү чойкоюп,
Короздой мойну койкоюп.
Көз айнеги балкылдап,
Шилтесе кесер Зулпукор
Билегинде жаркылдап.
Канжа тартып кайкайса,
Канжарынын оозунан
Жолум үйдөй чок болуп.
Алты миң кытай сан калдай
Кеп айтпастан токтолуп.
«Ичиң душман, тилиң заар
Кытайлар сенде кегим бар.
Кашкайган кара жолумду
Торгогону жүрүпсүң,
Калп эле сынчы болдум – деп,
Эптеп ичими аярлар,
Сен ондогону жүрүпсүң.
Тууганымды жат кылып,
Саат болгону жүрүпсүң.
Алты айчылык азапты
Азыр каалап билем деп,
Кара жолтой манжуулар
Калп айтканын карасаң.
Каалап уктум тилиңди,
Калжыраган кеп айтып
Качан буздум кимиңди?
Каарым келип какайсам
Катылбай койбойм бириңе.
Сынчысың десең кутуруп,
Тийбегин кытай жиниме.
Мен каарланып чамынсам,
Катылбай койбойм бирине,
Мен чыдап койдум жайыңа.
Эчен түркүн иш кылдың,
Али койсом жайыңа
Алтын башка күч кылдың,
Көз ачык дедим аярлар,
Бир кылбадың миң кылдың,
Адам уккус сын кылдың.
Ашкере сүйлөп бурут деп,
Атаңдын көрү, чочколор,
Менин тууганыма чыр кылдың.
Капа кылдың аярлар,
Казайынбы оруңду.
Жабылдыра жалпыңа
Салайынбы сонунду» –
Деп, ошентип, Коңурбай
Жоо-жаракка камынып,
Жазайылды салынып,
Жалаңдатып колуна
Курч кылычка камынып.
Кутурган Калча ушундай
Каарланып үксөйүп,
Төбө чачы сүксөйүп,
Кыжылдаган кытайды
Кырып ийчү немедей
Кыялданып түксөйүп.
Манжууларын, кандарын

www.bizdin.kg



Азыр сойчу немедей,
Албан түрдүү жандарын.
Каарланып бакырып,
Калбай кел – деп Коңурбай
Балбандарын чакырып.
Манжууларын шерлерин,
Барың кел – деп эрлерин.
«Манжуудан чыккан каның кел,
Эр Эзкара баарың кел!
Туталанып баратам,
Турбай кел кытай, жаныма!
Келгин балбан алдыма,
Туурадан тууган табылса,
Турбай абийир жабылса,
Туутанып өлгөн тууганым
Чын жамандап турганың.
Калдайыңар, каныңар,
Кара күлүк жой болот,
Калбай келгин алдыма.
Ак жылкыдан боз болуп,
Көрүшсөк кантет канкорго?
Атаңдын куну ушу – деп,
Агар алтын, ак күмүш
Берсек кантет канкорго?
Алтын менен күмүштү
Качырга баалап арталы,
Атаңдын куну ушу – деп,
Семетейге тарталы.
Чатакташпай чырдашпай,
Аман-эсен кытайлар
Айлыбызга кайталы.
Ободогу жылдыздай,
Боз болгонуң кандайча?
О дүйнөлүк канкорго
Дос болгонуң кандайча
Тулпар буудан кермеге
Кергендигиң кандай – деп,
Көкжал Манас куну – деп,
Көй күлүктү тартууга
Бергендигиң кандай – деп.
Канкор менен көрүшүп,
Кабылан кунун беришип,
Бир талаада көрүшүп,
Бир дөбөдөн беттешип,
Каканга аман тарталы.
Бузукташпай чырдашпай,
Жалпы кытай-Каканчы
Бээжинге чейин кайталы.
Турбай кыйын жол жүрүп,
Чынма жолун басалык.
Элдештик бурут журтка – деп,
Канга кабар айталык.
Бузукташпай чырдашпай,
Элге эсен кайталык.
Кырк кан эли чогулдук,
Кыйын мүшкүл-доо кылып,
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Арадан нечен жыл өтүп,
Алты ай тынбай салыштык,
Же бурутту жеңип алалбай,
Же Бээжинге аман баралбай,
Мыкчыйышып туруштук.
Былчылдашып уруштук,
Кымындай пайда болгон жок.
Айтканым ушул билип ал,
Калың кытай-Каканчы
Кыжылдабай тилимди ал!
Эл кырылып, журт өлбөй
Каканга аман тартайын,
Журт бөлүнүп калк өлбөй,
Бээжинге аман кайтайын,
Атаңдын куну ушу деп,
Каруусу толук капырга
Кан Семетей баатырга
Кара атым тартуу кылайын.
Күрмө кийген күчтүүң ук,
Таш сайынган тазаң ук» –
Деп, ошондо Коңурбай,

www.bizdin.kg



Каарлуу кептен салды эле.
Ачууланып эр Калча,
Айбаттанып көй кашка.
Көкала сакал эр манжуу
Ай-ааламды буй кылган
Он эки мүчө тең манжуу.
Аябаган эр манжуу
Каар салып бакырып,
Калк ичинде чорону,
Бабам, кел деп чакырып.
Улугумсуң, шеримсиң,
Убал-сообу болобу?
Урушка ыктуу эримсиң,
Уккун ушул сөзүмдү,
Көрүп тургун көзүмдү.
Бир тууғансың белимсиң,
Алмамбеттин чунагы
Ачуулансаң жутучу
Кара кулак шеримсиң.
Ай, Күлчоро, кебимди ук,
Баатыр болсоң, эр болсоң,
Ага кылып алыңыз.
Бар туткагың кармаса,
Камандай кайсап чалыңыз.
Кыйла шаар Дыңшаны
Кырк уруу кытай сүйлөдү,
Кылыгыма жакпаса
Кызык кылдым мынчаны.
Баатыр болсоң, шер болсоң
Ини кылып жүрөрбүз.
Баатырдыгың жоголуп,
Балакет салсаң бу башка
Бир акыры тууганым,
Сени кара эшек кылып минербиз.
Айтканым ушул билип ал,
Ай, Күлчоро, тилимди ал.
Кызык кепке салыңыз,
Коңурбай менен Семетей
Эми балам Күлчоро,
Элдештирип калыңыз.
Кайра тартсаң Каканга
Канга кабар салабыз,
Чоң-Бээжиндин өзүнө,
Карарган кара көзүнө.
Чылаба кандын туткасы
Чын Бээжиндин өзүнө.
Журт сыйынган белине,
Эр караган өзүнө.
Калдай тонун кийгизип,
Качырдан улоо мингизип,
Бел жолдорду бастырып,
Чоң-Бээжинди аштырып,
Канга кабар салармын.
Кабыланым, өзүңдү
Кан көтөрүп алармын.
Жаралган Кадыр түнүм – деп,
Жаң-жундан туулган иним – деп,
Көрөрүмө күнүм – деп,
Көлөкө кылчу иним – деп,
Кат берермин каныма.
Кабар салып дайындайм,
Бүт Бээжиндин баарына».
Ошо кезде Коңурбай
Каарданып чамынып,
Акылдан Калча жаңылып,
Ашкере тууган болчу деп,
Ал өрттөнгөн чоң Калча.
Күлчорого жалынып,
Кызык сөздөн баштады.
Кан эмине болгон деп,
Калың кытай чуу туруп,
Жандан кечип таштады.
Берендери, шерлери
Бейпай көрүп элдери,
Улуксунган Дыңшасы
Калчаны Кудай урду – деп,
Убара болуп мынчасы.
Алөөкөнүн Коңурбай

www.bizdin.kg



Алдатмак болду эми – деп,
Эбин таап эр чоро
Далай жанды жеди – деп,
Күрмөчөндү жыят – деп,
Күрсүлдөгөн кутургур
Эчен жанды кырат – деп,
Кароолдогу бакмачы,
Барабанды какмачы,
Өлөр бекен сырайып,
Жатар бекен тырайып.
Салмактуудан кан өлүп,
Салыш болор бекен – деп,
Кабылгандын баары өлүп,
Чабыш болор бекен – деп.
Аябаган чоң дүрбөөн
Көрүп калар бекен деп,
Кыйынсынган мыктуулар
Кыргын болуп бул жайдан
Өлүп калар бекен – деп.
Кырк уруу кытай, калың эл
Журт чуркурап дуу болуп.
Алапайын таба албай,
Адам чуулап дуу болуп.
Эр козголуп, кол болуп,
Көрсөң дүмөк мол болуп,
Манжуунун башы маң болуп.
Бардигер журт таңданып:
«Канга эмне болду – деп,
Коң төрөгө таң калып.
Атаңдын көрү, Коң төрө
Ай-ааламды буй кылган
Атагы чыккан чоң төрө.
Көрүнөө токсон жашына
Барып калган белем – деп,
Көп акылдан эр Калча
Таныт калган белем – деп.
Киши көрбөс бир мүшкүл
Көргөнү калган белем – деп.
Кандын каары чоң дүмөк
Көргөнү калган белем деп,
Көбүнчөсүн кутургур
Алмамбет көкжал уулунан
Өлгөнү калган белем – деп.
Акылынан антаңдап,
Шашып калган экен – деп.
Ажал тороп Калчаны
Басып калган белем – деп.
Тирүүлүктөн өлүшкө
Барып калган белем – деп.
Чоң акылдан бул Калча
Танып калган белем – деп.
Чоң дүмөктү мүшкүлдү
Көргөнү калган экен – деп.
Чоң канкордон бул Калча
Өлгөнү калган экен – деп,
Аябаган чоң дүмөк
Көргөнү калган экен – деп.
Аба кылып Бээжинге
Атасы кектүү кутургур
Аман сактап Калчаны
Коюп салар бекен – деп,
Болбосо алдап туруп Калчаны
Кутургурдун тукуму
Союп салар бекен» – деп.
Манжуунун баары түңүлүп,
Калайык чуулап тамандап,
Күлчорону жамандап,
Ишене албай көп адам
Аң-таң калып турду эле.
Айта турган кеби бар,
Атасынын кеги бар.
Туура бала чорону
Тууган деп айткан болобу?
Калык чуркурап муну айтып:
«Атаңдын көрү, Коңурбай,
Тирүү жүрбөй бул канкор
Көрүп калган экен – деп.
Акылдан тайып кан Калча

www.bizdin.kg



Өлүп калган экен – деп.
Кечээ, кан Алмамбет атасы
Салынган коргон там болуп,
Бир жыл эмес Бээжинге,
Текши чынар багына,
Какандын алтын тагына,
Жыйырма бир жыл кан болгон.
Кечээ, талаш кылып буттарды,
Таштап кытай журттарды
Алтын тагын май кылып,
Атакесин жай кылып,
Чай алган кенди ашканда
Бурутту көздөй качканда
Берендиги башынан
Озо чыгып барганда,
Каткаландын Сайкалы,
Калмактардан Оронгу
Кара сакал Бороончу,
Буйгатчынын Музкиндик
Тозо чыккан кезинде,
Доңуз минер чоң Жолой
Кошо чыккан кезинде,
Энесин шейит* кылдырып,
Кырк чоросун кырдырып,
Кымбаттарын берди эле.
Атасы көкжал Алмамбет
Ушунча кордук көрдү эле.
Көп азапты кан Алмаң
Тартпай койду дейсиңби,
Көп керээзди Алакең
Айтпай койду дейсиңби?
Алдатып ийди Коңурбай,
Акылсыз болду ушул жол.
Жеткилең Калча келчү эмес,
Жетим калган Күлчоро
Тууган болуп берчү эмес.
Өрттөнгөн көкжал келчү эмес,
Артык кектүү Күлчоро
Тууган болуп берчү эмес.
Өрттөнгөн көкжал келчү эмес,
Артык кектүү Күлчоро
Тууган болуп берчү эмес.
Тутанып өлгөн Калчанын
Тууганы болот душманы,
Ичинде калар бушманы» –
Деп ошентип, көп кытай
Дууга кирип калышып,
Арам сактап чородон
Чууга кирип алышып.
Тантыгына чечени
Акыл айтып күйүнүп,
Коңурбай кандын кырк төрө
Өз жанынан түңүлүп:
«Берен Калча өлдү – деп,
Кайра тартпас мүшкүлдү
Кайран киши көрдү – деп,
Тууганым деп чоро таап,
Мунун чоросу коёт башын чаап.
Кыйын дүмөк тил албай,
Торго кирер бекен – деп,
Кыйын жерден тууган таап.
Орго кирер бекен – деп.
Кыямат көздөй жол тартып,
Жолго кирер бекен – деп,
Чалынса кайра чыкпаган
Торго кирер бекен – деп,
Жамгырдай болуп жайнаган
Окко кирер бекен – деп.
Эзелки кекке Коңурбай
Топко кирер бекен деп,
Мунун элдешчүсү Семетей
Эселек мындай болобу?
Мунун чын тууганы Күлчоро
Чын түбүнө жетер – деп,
Чындаган Калча кайран эр
Биздин Чынмачындан кетер – деп,
Эр адам көөдөк дечү эле,
Кайран Калча чоң кандын

www.bizdin.kg



Бул кылганы бекер» – деп,
Кырк төрө турду күйүнүп,
Алдап алып Калчаны
Күлчоро турду сүйүнүп.
Коңурбай менен Эзкара
Кобураган эки кан
Күлчорого алдатып
Өзү кетип баратат.
Карарган кара Калчанын
Көзү кетип баратат.

## СЕМЕТЕЙДИН АТТАН ТҮШҮП, КОҢУРБАЙ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮСҮ

Тоо жоголгон урчукка
Токтобой Калча барды эле,
Томурайган тумшукка,
Чоң-Кежеңдин бетине,
Чоң-Каркыра четине,
Каралды-Дөбө башына,
Кара-Даңгыл сазына,
Кан Семетей алдына.
Кайран Калча калпайып,
Болбойт сөздүн бекери,
Жанындагы Калчанын
Эр Эзкара жөкөрү,
Кыяны кыйын чалды эле
Алгарадан албайып,
Ак сеңир тоодой дардайып,
Коңурбай түшүп калды эле.
Алты миң черүү, миң калдай,
Аксакалы Коңурбай,
Кайнап аттан түштү эле,
Калың кытай кырк уруу
Жайнап аттан түштү эле.
Алгара менен Чоңкүрөң
Алысыраак байлатып.
Семетей көздөй барбактап,
Басып Калча калды эле.
Айбалтаны таянып,
Алачыктай эр Калча
Алгын айлуу сыр канжа.
Соолгурдун канжасы
Соргон сайын коркурап,
Коё берсе түтүнү
Адам, кол ыштыктай буркурап.
Акылга дыйкан эр Калча,
Акыл ойлоп кайгырып,
Алыска бекер калды – деп,
Алгарага кайгырып.
Албан түрлүү жер болуп,
Буурулду минип кутургур,
Алмамбеттин Күлчоро
Арага жүргөн ал болуп.
Алтын үңгү айбалта
Ал билекте балкылдап.
Комокойлуу сыр айза
Бу такымда жаркылдап.
Күлчоро жайы ушундай
Күрмөчөнүн чоктотуп,
Кара курттай калмакты
Күн батышка токтотуп,
Күлчоро жайы ушундай,
Арада жүрөт шер Чоро.
Баатыр Бакай, Семетей
Дөбөдө турат барбайып,
Эрте сөзү кеч болуп,
Калаага жолду салууга
Канкор Бакай, Семетей
Ары-бери арысландар
Басып турган кези экен,
Бала кантип кетет – деп,

www.bizdin.kg



Баатыр көкжал, эр султан
Шашып турган кези экен.
Көзү өрттөнүп чок болуп,
Кайнап турган кези экен,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Карсылдатып Семетей
Чайнап турган кези экен.
Ыкыз берип, эр карап
Карап турган кези экен,
Алмамбет уулу Күлчоро
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Калк аманын кутургур
Каалап алган кези экен,
Алөөкөнүн Коңурбай
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Алдап алган кези экен,
Кытай, кыргыз экөөнү
Четтештирер кези экен,
Семетей менен Коңурбай
Эптүүсүнөн Күлчоро
Беттештирер кези экен.
Тилге чечен чоронун
Ыктуулугу дагы бар,
Айза кармап, топ бузган
Мыктуулугу дагы бар.
Жазы жаак, жалпак тил
Кутуруп өлгөн чоронун
Даңгылдыгы дагы бар.
Кытай алдап алууга
Камбылдыгы дагы бар.
Күлчоро жайын сураба
Семетейдин канаты
Кымбат чечен эң жуйкур
Кытай турмак кылымды
Алдап жүргөн адаты.
Коңурбай канга муну айтат:
«Кырк уруу кытай, кырк кан эл
Кымбаттуу Калча эр элең,
Өзүң жоонун айласын
Ашкере тапкан шер элең.
Беттеп адам келбеген,
Менде сени жеңбеген
Берен Калча сен элең,
Каканчынын ээси элең!
Чоң кара атыңды байладың,
Чок-Табылгы жайладың.
Канга тоюп катыктың,
Кулак угуп көз көргөн
Ушунчанын баарына
Канкор Калча атыктың,
Керүүгө салган там болдуң,
Баатыр кечилге мыкты кан болдуң.
Алтымыш жайсаң кенжеси,
Алөөкөнүн эркеси,
Эрешен тартып эр болуп
Эр уулу менен тең болуп,
Баатыр, эрбейип атка мингенде
Жүрүшүңдөн чаң чыгып
Добушуңдан жан чыгып,
Кытайды билдиң бир кезек.
Кыпчыйтып белиң бууңдуң,
Кытайга салдың чуулган,
Берен элең, белисиң,
Бээжиндин мыкты шерисиң.
Атасы өлгөн көкжалга
Үзүрлүү кептен айтыңыз,
Дос болушуп канкорго
Баатыр ай, кезигишип кайтыңыз
Дегенине көнүңүз
Атасы Манастын кунун бериңиз!» –
Деп Күлчоро муну айтып,
Булуттай учкан Буурулду
Токтоттурбай булкунтуп,
Тоодой-таштай көрүнүп,
Ээлендирип каранды
Эри өлгөндөй жулкунтуп,

www.bizdin.kg



Ата, кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Келберсиген доңуз ай,
Өзү айзага камбыл ыктуу эр,
Жоонун айласын билген ыктуу эр,
Элдешери Семетей
Эрен Калча абакең,
Чоро ортого жүргөндө
Баса түшүп кайгырды,
Кайгыра турган себеби –
Ал Коңурбай эр Калча
Алгарадан айрылды
Ээрчиткени Эзкара,
Эш* тутканы кырк төрө,
Баса түшүп кайгырып,
Капка-Ташка токтоду,
Капа болуп Коңурбай,
Качанкы дартын жоктоду:
«Кыргыздын кырып кайрылып,
Ала болгон экемин.
Акылдан танып мен Калча
Бала болгон экемин.
Кырк уруктан тил албай,
Оңбой калган экемин
Ээ кызыталак чунак жан
Болбой калган экемин.
Акыл-айла шерликтен
Танып калган экемин,
Өлүп кетер жериме
Бир балага алдатып,
Барып калган экемин.
Жетелетип кытайга
Кокуй болгон экемин.
Капырай, жерге кирип ушинтип,
Сокур болгон экемин.
Кыйын акыл жин болуп,
Оңбой калган экемин.
Кыйлам кетип, көп карып
Атаңдын көрү куу дүйнө,
Болбой калган экемин.
Атасынан баласы
Артык душман жоо эле,
Кутургурга алдатып,
Курган Калча соо эмес,
Кайсы жерде жинди эле.
Айтсам нечен кебим бар,
Атасынын кеги бар.
Калың журт айтса болбодум,
Бу эченди көргөн эр Калча
Бир ойлонуп койбодум.
Өлтүрсүн – деп жанымды
Жайлап берген экемин.
Өкүм кытай кырк кан эл
Өрттөнүп кеткен Чорого
Байлап берген экемин.
Өңкөй дөөнүн баарысын
Өлүм жакка кайран эр
Айдап берген экемин.
Бул өрттөнүп кеткен Чорого
Тууганбы десем алдатып,
Көргөнү келген экемин.
Бу кызталак куу жанды
Алмамбет уулу Чорого
Бергени келген экемин,
Кайсы жерде тууган жан эле
Атасынан бабасы
Эй, кутуруп өлгөн чочконун
Душмандыгы бар эле.
Каарланып какайса,
Кызыталак кыйык ит
Кылымга кызык салуучу
Атасы душман Алмамбет
Чоң-Бээжинди чаң кылган,
Жеткилең жини кармаса
Мен эмес, өз атасын жай кылган,
Өрттөнгүрдүн тукуму.
Ботом, алыста калды Алгара,
Сураса бербес бууданга*

www.bizdin.kg



Суук укурук салабы,
Кармашка минген Алгара
Бул өрттөнгөн Күлчоро
Көрүнөө сурап калабы?
Ботом, арбайтып бутун артабы,
Абасына тартабы?
Бу кытайды кырып олжолоп,
Чиркин, кыргыздын калкы
кайтабы?
Ок өтпөстөн күбүмө,
Ушу турган Күлчоро
Бачагар жеткен белем түбүмө!»
Алгарадан айрылып,
Эр Коңурбай кайгырды.
Алмамбет уулу шер Чоро –
Ааламды бузган эр Чоро
Буурул менен тепсете,
Бас аба,– деп шаштырды.
Адам, Опол-Тоодой Калчаны
Согончоктоп бастырды,
Ааламды бузган шер Чоро.
Мына ошондо Коңурбай
Кайра тартып жулкунду,
Кан Коңурбай булкунду.
Эки басып теңешти,
Эзкара менен Коңурбай
Кырк төрөгө кеңешти:
«Мынча кордук Чородон
Көргөнү келген экенбиз,
Кутургурдун колунан
Алмамбет качкын уулунан,
Чын душмандын өзүнөн
Өлгөнү келген экенбиз».
Мына ошондо Коңурбай
Эки басып кыбырлап,
Эл-журтуна шыбырап,
Ылдам баспай тамандап,
Күлчорону жамандап:
«Айта турган кебим бар,
Алмамбеттин уулунда,
Күлчородо шегим бар,
Өлөрүмдө алдатып.
Өлчөй көргүн балбандар,
Көңүлдөгү арманым –
Көбүрөөк жашап калганым,
Өтөт мунун жаңжалы.
Алгарадан айрылып,
Калдым журтум, каңгырып.
Өчпөйт жоонун атагы,
Алты капка Каканга
Ашып кеткен эмеспи,
Алмамбет кулдун чатагы.
Кечээ, дүйнөнү чачканда,
Кырк чоросун кыйратып,
Энеси Алтынайды сойгонун
Кара кылар бирөө жок
Жалгыз Алмамбетти койгомун.
Ичке жолун төтөлөп,
Жалгыз Мажик кулду жетелеп,
Көп тозок көрүп Бээжинден
Көчүп кеткен Таласка,
Айыл конгон Жакыптын
Жалгыз уулу Манаска.
Айтсам далай кеби бар,
Чет-Бээжиндин оюнда,
Кең Какандын боюнда
Кыргынды кызык баштадым,
Өйүз-бүйүз турушуп,
Айза менен челишпей,
Мылтык менен урушуп,
Кырылышып жатканда,
Алмамбетти атканда,
Чубакка чууну салганда,
Кылча койбой бирөөнү
Кыргын кылып салганда,
Алмамбет, Чубак кан өлүп,
Кез болгондун баары өлүп.
Айтса далай кеби бар,

www.bizdin.kg



Атасынан бабасы
Жакшылык көрбөс жери бар.
Жалпы атасы кырылган,
Мен Калчада кеги бар.
Баштатан акыл ойлобой,
Кокуй болгон экемин.
Асты жерден кеп айтпай,
Сокур болгон экемин.
Канды кармап алатко,
Өрттөнгүрдүн тукуму
Кагышты катуу салат ко.
Жаңжалдашсак кайгырдык
Алыс калды Алгара
Көй күлүктөн айрылдык.
Бере куйругу саяң, жалы аз,
Кулан кууса куткарбас,
Туяктын түбү көпкөк таш,
Алышкан жоого болгон маш,
Айбан да болсо тууганым
Алыс калып турганын.
Алгарадан айрылып,
Айбалтаны, чокморду
Көргөнү келген экемин,
Ажалдан мурун кайран баш
Өлгөнү келген экемин
Бакай баштап карысы
Эр Семетей анысы,
Эрендердин баарысы
Тегеректеп келгени.
Түбүнө чогуу жетүүгө,
Кылымдын каны Коң төрөң
Кыстоо тартып өлөбү?
Кызыл айза, күйгөн чок,
Кызык кыргын, жанган от,
Ичинде калар бекемин?
Тирүү сергип чыгалгыс
Шордо калар бекемин?
Кечип менде чыга албас
Ордо калар бекемин?
Мөңкүсө киши чыккысыз
Тордо калар бекемин?
Колду-бутту байлатып,
Таласты көздөй айдатып,
Жаман өлөр бекемин?
Кузгун, карга тыткылап,
Балта жутар жуткулап,
Союлуп көөдөн ачылып,
Ичеги жерде чачылып,
Эчким басып өтпөгөн,
Үстүнөн жырткыч кеспеген
Белде калар бекенбиз?
Канаттуу учуп жеткисиз,
Үстүнөн туман кетпеген
Чөлдө өлөөр бекемин?
Кең Каркыра, Текезден
Өтпөй өлөөр бекенбиз,
Каканчыга, Бээжинге
Жетпей өлөр бекенбиз?
Атасынан баласы,
Тутанып өлгөн чочконун
Душмандыгын карачы,
Айдап жолго түшүрдү,
Артуу кылар бекен деп
Алгарадай күлүктү
Алып коштоп бу чоро
Тартуу кылар бекен»,– деп,
Акыл ойлоп Коңурбай
Семетейге барбастан,
Бир беттешип калбастан,
Бура тартты булкунуп,
Алгарага жетүүгө
Ал Коңтөрө жулкунуп,
Кайра тартты Коң төрө
Аябаган чоң төрө.
Кайра атыңды мингин – деп,
Манжуу кепти баштады.
Баары кытай кырк кан эл
Кыжылдашып чуу туруп,

www.bizdin.kg



Кыргын боло таштады.
Мына ошондо Күлчоро
Аба дебей, Калча деп,
Атынан айтып ороңдоп,
Өрттөй көзү жайнады,
Кан ичмеси кармады.
Бет бузулуп, күч чыгып,
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Каңыртынан жан чыгып,
Чоро жайы ушундай
Антаңдатып шаштырып.
Опол-Тоодой манжууну
Согончоктой бастырды.
Булкунгандан силкинип,
Каары келип какайды.
Караса мындай Коңурбай,
Адам каарланды доңуз ай.
Булкунганган силкинип,
Кордукту койдой баштады,
Асты терең кара жер
Капырыңдын каарынан
Айрылып кете таштады.
Көк күбөнү жамынып,
Көрсөң мындай кутургур
Көк жолборстой чамынып.
Айбаттанып айкырып,
Калдайларын чакырып,
Буйрук кылып булкунуп,
Буй кылды журтту силкинип.
Чакырайып чартылдап,
Каарланып баркылдап,
Коңурбай жайы ушундай.
Манжууларын бакырып,
Жанындагы кырк төрө
Кырк төрөсүн чакырып.
Уйбу-Шуйбу балбанын
Ал кутурган Коңурбай
Ушунчасын камдады,
Тыргooту тыйпыл жыйылып,
Өрттөнгүрдүн жаңжалы
Жаңжалдашпай Коңурбай
Каарын салбай калбады.
Булкунгандан силкинип,
Коңурбай айта салганы:
«Балбандарым, шерлерим,
Катар өскөн эрлерим,
Телегейи теңдерим!
Айбаты күчтүү, заары күч
Айкырык салып Коңурбай
Өлө турган кези экен,
Көп дүйнөнү бу кыргыз
Бөлө турган кези экен.
Алыста калып Алгара
Бу душманга алдатып,
Абаң Калча чоң төрө
Кол ичинде коржоңдоп,
Кала турган кези экен.
Койбой башты көп кытай
Ала турган кези экен.
Жаным тутам, ичим чок.
Жааннамда мындай кытай жок.
Тууган болду душманым,
Ичтен кетпейт бушманым.
Көк ала сакал агымда,
Өлөрүм чукул барында
Өлгөнү келген экемин,
Чын дүмөктү бу жайдан
Көргөнү келген экемин.
Текши да элем, шер да элем,
Теги мыктуу эр да элем.
Акылман тууган кан элем,
Чын жаралган жан элем.
Эңишкенди эңкейтип,
Эңип жүргөн шер элем.
Кармашканды какайтып,
Жеңип жүргөн эр элем,
Кара болот Зулпукор
Көөлөп жүргөн эр элем,

www.bizdin.kg



Кулак угуп көз көргөн
Жердин баарын талкандап,
Ээлеп жүргөн эр элем.
Жердин үстүн талкалап,
Баскан эрдин бири элем.
Жеткен жердин баарысын
Чапкан эрдин бири элем.
Балбандарым, шерлерим,
Канга катар эрлерим,
Карандай бүлүк, чоң жаңжал
Көргөнү келген экемин.
Чама чарчап ал кетип,
Күлчорого алдатып,
Өлгөнү келген экемин.
Алгара атты бурутка
Бергени келген экемин.
Ажалдан мурун тоңкоюп,
Өлгөнү келген экемин.
Мүшкүл азап-чоң жаңжал
Көргөнү келген экемин.
Жер үстүнө чыр салып,
Чаңдатканы келипмин,
Атасы душман чорого
Алдатканы келипмин.
Кан башымды бу кулга
Каңдатканы келипмин.
Чын сакалым кыркылып,
Чынмачындан бу кулга
Алдатканы келипмин.
Кара каптал бел элем,
Жол болгону келипмин.
Алдатканга алдатпай,
Алдатпаска алдатып,
Кайгыланып кайрылып,
Кайран тулпар Алгара
Ушулардан айрылып,
Өлгөнү келген экемин.
Карып келген чагымда
Калжып калган экемин,
Кандыгым кетип башыман,
Калжыраган кайран жан
Алжып калган экемин.
Тууганым деп душманды
Көрүп калган экемин,
Көп жаңылып кайран жан,
Өлүп калган экемин.
Кечээ, ич этимден ок өтпөс
Кийип турган кезимде,
Айгайлатып ааламды
Сүрүп турган кезимде
Нур төгүлгөн Бээжинге
Улук султан, кан болуп,
Жүрүп турган кезимде
Балбан баштап, кол жыйнап
Бөлүп албай не болдум?
Атактуу Манас канкордон,
Өз курбумдан мен калча
Өлүп албай не болдум!
Эрди көөлөп курган жан
Камап турган кезимде
Катылганды талкалап,
Талап турган кезимде
Калдайларды, кандарды
Канча түркүн жандарды
Бет алганды мерт кылып,
Кез болгонду кемирип,
Тушукканды буй кылып,
Кулан кууп ат кылып,
Кез болгонду жат кылып,
Кезип турган кезимде
Ай-ааламды буй кылып,
Кезип турган кезимде
Бакбурчунду, Дыңшаны
Маңдай жагы Сазаңшаң
Баарысына кан болуп,
Жүрүп турган кезимде
Катылганды талкалап,
Тийип турган кезимде

www.bizdin.kg



Талкан кылып бурутту,
Бурут деген журутту
Түзүп турган кезимде
Өлүп албай не болдум?!
Алгара тулпар баспаган
Жерде бүтүн түк калбай,
Ээлеп турган кезимде
Арышым жетип ааламды
Жөөлөп турган кезимде
Билегиме Зулпукор,
Илип турган кезимде
Жер үстүнө ээ болуп,
Эр Коңурбай дөө болуп,
Бүт Бээжинге ээ болуп,
Билип турган кезимде
Мында өлбөй не болдум?!
Аябаган дүмөккө
Жандатып салган экемин,
Алмамбет жетим уулуна
Алдатып салган экемин.
Атаңдын көрү, тууганым,
Тууган болду душманым,
Ичимдеги бушманым.
Өз кылганым өзүмө
Жете турган кези экен,
Эр Калчадан бу дүйнө
Кете турган кези экен
Тууганыңмын деп чын алдап,
Өчүн алар чак экен,
Көкжал Манас канды жөө кылдым,
Өчүн алар кези экен.
Ата, куйкаланып кутургур
Ажайыптык ак көйнөк
Кийбей калган экемин.
Кутургурдун амалын
Билбей калган экемин.
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым,
Алгарадан ажырап,
Чоң мүшкүл тартып турамын.
Улама айткан кеп эле,
Уламанын сөздөрү
Чын ушундай деди эле.
Бадыраң темир курч болбой,
Баш жарганы келген го
Башка өскөн бурут журт болбой.
Курама темир курч болбой
Куп сойгону келген го
Кул өскөн бул ит журт болбой.
Каалап өзүм тил албай,
Ата, карылыгы курусун,
Аяр айтса тил албай,
Аңкоо болгон экемин.
Карылыктын күйүтүн
Көрүп калган экемин,
Ата, калжыраган кайран жан
Өлүп калган экемин.
Кыйратам – деп кол жыйнап,
Кызыталак буруткa
Кылкылдата мол жыйнап,
Кыз-келинин олжого
Бөлгөнү келген экемин.
Кыйын мүшкүл буруттан
Көргөнү келген экемин.
Кыйын мүшкүл чыр салып,
Кыргызга келип кайрылып,
Кантип кайтам Каканга
Алгарадан айрылып.
Кабырга сөөгүм сөгүлүп,
Же Бээжинге жетпей кан башым,
Ушу жерге каным төгүлүп
Иттей талоон буруттан
Көргөнү келген экемин.
Чын алдатып чородон
Чиркин өлгөнү келген экемин.
Эр Эзкара балбаным,
Атаңдын көрү, кырк төрө,
Арбыткыла жаңжалды!

www.bizdin.kg



Эр Эзгара кыйкырып,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Силер чоң бүлүктү сала көр,
Тегеректеп кырк төрө
Кымбат каның Калчага
Караан болуп кала көр –
Уйбу-Шуйбу балбаным,
Ушундай жаңжал сала көр,
Ат оюнбоз, жөө күлүк*,
Бек кадырман ич тунук,
Кайнап жаткан көп улук
Улуктарым, дөөлөрүм,
Чоң-Бээжинге ээлерим,
Эрен Калча өлгөндө
Алтын менен дилдени
Чачып кетти дедирбе,
Калча өлгөндө баары өлүп,
Караан кылып көп кытай
Иттей тентип чуу туруп,
Качып кетти дедирбе.
Өз дүйнөсүн куу кытай
Чачып кетти дедирбе.
Улугунан айрылып,
Уйпаланып Калчаны
Качып кетти дедирбе.
Шуру отогот, маржан таш
Луңтуңдун каны аралаш
Көз жумулуп кеткиче
Улугуңа, жериңе,
Кайраттуу Калча эриңе
Ушу кезде каралаш.
Өйүз-бүйүз турушкун,
Мылтык атып, жаа тартып,
Айза сунуп айкырып,
Калчалап ураан чакырып,
Көзүм көрсүн урушкун,
Капкара канга канышкын,
Качпай туруп салышкын.
Кабылан Калча өлгөндө,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран Калча көргөндө,
Кагыш мындай болду деп,
Капыр менен бусурман
Кагыштын жайы ушундай –
Карсылдашып салышып,
Кайран жандан айрылсаң.
Былчылдашып согушуп,
Бу дүмөккө кайрылсаң,
Саламат кылып окустан,
Аман калсаң кокустан
Каканга кабар салгыла.
Кайран Калча өлдү – деп,
Кайра келбес дүйнөнү
Кагышта жүрүп көрдү – деп,
Ак болоттун тукулу,
Алмамбеттин тукуму
Алдап түпкө жетти – деп,
Калк ичинде калдайтып,
Кан Коңурбай баатырдын
Атын алдап кетти- деп
Калп чынды көп айтып,
Калп эле тууган болом – деп,
Алмамбет уулу куу чунак
Түбүнө чогуу жетти – деп.
Көкжал Калча кабылан
Алдатарга алдатпай
Алдатпаска алдатып,
Арманда болуп кетти де.
Журтум, канга кабар салгының,
Каканга аман барганың
Кайран шериң өлдү – деп,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран киши көрдү – деп
Семетей эмес, Коңурбай
Күлчородон өлдү де
Кыргызга бүткөн денекул
Уул чородон өлдү де,
Тууганым деп көп жүргөн

www.bizdin.kg



Жукутунан өлдү де.
Калк башкарып, эл жыйган
Угутунан өлдү де,
Алмамбет уулу Күлчоро
Чубутунан өлдү де.
Аман жетсең Каканга
Бадана кийген баатырга айт,
Таш сайынган тазага айт,
Күрмө кийген кучтүүгө айт,
Кан белгилүү тунукка айт,
Кайнап жаткан улукка айт.
Кымбат Калча өлдү – деп,
Кызыл чоктуу кыйынга айт.
Калың журтка дүң болсун,
Чарк токтогон жыйынга айт.
Керүүгө салган тамына айт,
Кейип калсын чуркурап,
Кечилдердин баарына айт.
Ыйык сетер, ат айгыр
Койбой такыр сойсун де,
Кабар берип Бээжиндин
Чоң сынчысын алсын де,
Чоң тонумду кийгизип,
Чоң тагыма мингизип,
Эндей этек көк чалбар
Багалегин түйсүн де,
Улуктары, кандары
Улуу, кичүү балдары
Калбай кара кийсин де.
Кандан кунун кубалап,
Кызыталак бурутту
Жер жүзүнөн сүрсүн де!
Кең Желпиниш жер учу,
Ушу жерге айдап кирсин де
Кулак угуп, көз көргөн
Жерге чейин сүрсүн де.
Кырк кандын эли аттанып,
Кыйын бүлүк салсын де.
Кымбат Калча куну – деп,
Кызыталак буруттун
Кыл эмесин токтотпой,
Кыргын кылып салсын де.
Өлгөнүнөн калганың,
Өкүм жүрөк балбаның,
Бээжинге эсен барганың
Кыргын тийген эмедей
Кыйын болсун жаңжалың,
Кең-Дуңшанын оюнда,
Кең кара жол боюнда
Жолуксаң солоон эли бар,
Солоонго кабар берүүчү
Толуп жаткан кебим бар,
Байкасаң сөздүн баркы бар
Солоон каны каркыбар.
Каркы деген балбанга айт,
Берениң Калча өлдү де,
Барса тартпас чын жайды
Байкуш киши көрдү де.
Солободон тон алып,
Солоон канып кийсин де,
Калча кунун куусун де.
Кагышты катуу салсын де,
Менин капкайда кегим алсын де.
Андан ары барганда
Мунарык түшүп бурчтанган,
Булуңгур болуп урчтанган,
Чет-Бээжин деген жери бар.
Каарына алганда
Каптап кетчү сели бар,
Черүктүү кытай эли бар.
Жетсең буга кабар айт,
Чалышканды чапчыган,
Кабылганды кайсаган,
Кез болгонду кемирген
Черүктүү кытай элине
Ааламга алы жетсин деп,
Өзүм койгон эл эле
Кызыталак бурутка,

www.bizdin.kg



Ушу бурут деген журутка
Кармашты катуу салсын де.
Зор кыямат болгончо
Арткы калган балбанга
Атагы чогуу калсын де,
Арбын дүйнө, тапкан мал
Такыр кечип салсын де.
Кап-кайда кекти алсын де,
Баш-аягы келсин де.
Бардык дүйнө, тапкан мал
Зарып кылып өтсүн де,
Чын дүйнөдөн кетсин де,
Чыркыратып кубалап,
Кызыталак буруттун
Түбүнө чогуу жетсин де.
Өлбөй тирүү калганың,
Бээжинге аман барганың
Ааламды билген эренге,
Айла тапкыч беренге,
Зыйкырчынын өзүнө айт,
Сынчылардын көзүнө айт.
Калдайга айт, канга айт,
Калың элдин баарына айт.
Кабарында бар бекен,
Бээжиндин чынар багында,
Кары кандын тагында,
Кырк эшиктин түбүндө,
Алтын тактын өзүндө
Кынжылануу балбаны.
Анын бирөө бошонсо,
Катылса чыгып кетчү эле,
Тийген жандын далдалы.
Кытай бузуларда чыгуучу
Чоң-Какандын балбаны.
Балбандыгы башкача
Алардын энеси Инди жалабы
Энкейтип менде алабы!
Атасы кытай долусу,
Адам тилин билбеген
Айбанга чалыш доңузу.
Ошолорго салам де,
Түз кирип, түйшүк салсын де.
Түгөнүшүп урушуп,
Кызыталак кыргыздан
Кагышып өчүн алсын де!» –
Деп, ошонтип Коңурбай,
Керээз айтып шаштырып,
Астындагы Алгара
Алыс калып калды – деп
Арам сактап чородон.
Өлөңдүү жерди өрттөгөн
Жакшылык жанга бербеген
Өрттөнгүрдүн тукуму,
Ай-ааламды буй кылган
Бу капырдын тукуму.
Алыста калды Алгара
Азыр балаа салабы,
Кутуруп өлгөн чорону
Уруучу Кудай урабы?
Арбын жаңжал салабы,
Ажыратып атымдан
Азыр башты алабы?
Түп атасы түк душман
Түгөнгүрдүн тукуму.
Айта турган кеби бар
Атасынын кеги бар,
Душман болгон чени бар» –
Деп, ошентип, Коңурбай
Булкунгандан силкинди.
Шай колдогон шер чоро,
Шамдагайы болжолсуз,
Шайдаңдаган эр чоро
Баскыла – деп шаштырып,
Бала ордуна Калчаны
Ардай Буурул ат менен
Артык көкжал Күлчоро
Согончоктой бастырып,
Ичи өрттөнүп күйүнүп,

www.bizdin.kg



Каарданды Коңурбай
Чылгый балаа мына бу.
Чылгый ичи өрт жалын
Чыдай албай мына бу,
Кайнап ичи чок болуп,
Көзү жайнап, өрт болуп,
Оозунан жалын шыркырап,
Тиштенсе тиши быркырап,
Каарданып калбайып
Адамдын каны Коң төрөң –
Акылга дыйкан чоң төрөң
Айбаттанып бүгүлгөн,
Айкырып Калча үн салса,
Кылым жандан түңүлгөн.
Телегейи тең болгон,
Ай-ааламдын баарына
Арыслан Калча эр болгон
Тебеленүү ааламдан
Качан Калча кор болгон.
Кулак угуп, көз көргөн
Жерге Калча зор болгон,
Арбагы мыкты, аты улук
Артык ичи чок болуп,
Күйүп жанды макулук.
Кабарында бар бекен,
Бээжинге чеге жер болгон,
Арыслан Калча эр болгон.
Калча-калча болгону,
Калча атка конгону
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Бүткүл Какан, кырк канга
Кайран Калча эр болуп
Күн батыш менен, күн чыгыш
Жерди билип турганы
Күрдөөлүү кытай, кырк кан эл
Элди билип турганы.
Алөөкөнүн Коңурбай
Ай-ааламга дөө болуп,
Чымачын, Какан, Бакбурчун
Мынча журтка ээ болуп,
Көргөн уят кыла элек,
Көкжал Калча сына элек.
Мендеден жапа көрбөгөн,
Берен Калча абаңыз
Булкунгандан, силкинди
Бейжайлыгын карачы,
Кутуруп өлгөн чочконун
Берендигин карачы.
Мына ошондо Күлчоро
Таштап кайра тартабы,
Коңурбай эмес кутургур
Ааламдан кайра кайтабы!
Буурул минип булкунтуп,
Каарлантып жайланып,
Кыны жок кылыч байланып,
Жаңжал жакка шайланып,
Жайдаңдаган шер чоро
Айбалтаны байланып,
Ар качандан бир качан
Кытайды Кудай берсе – деп,
Кыран кул жүргөн шаңданып,
Кайран уста Бөлөкбай
Кагышка кылган айбалта,
Камбыл кулдун кызыгы,
Калчага салчу бузугу.
Ич койнуна байланып,
Жай-жарагын шайланып,
Жайдаңдаган шер чоро,
Жалындан качпас шер чоро,
Каарланып жайланган,
Кырып кетчү эмедей
Кынсыз кылыч байланган.
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Чоронун жайын сураба
Бил мүчөлүү бадирек,

www.bizdin.kg



Шер атанган балбандай,
Жөн эле ааламга кыргын салгандай.
Беттешкенди мерт кылып,
Ай-ааламды алгандай.
Жааннам кескен балбандай,
Бу жумуру баштуу мендеден
Жан жараткан ар кандай.
Жана кыраан Күлчоро
Каарланып какайып,
Кан ичмеси кармады,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Бөлө-бөлө чайнады.
Ак болоттун тукулу,
Алакең кандын тукуму
Өң бөлүнүп, күч чыкты,
Эки беттен саксайып,
Адам көргүс түк чыкты.
Арыландай шер чоро
Ай-ааламды буй кылган
Ушундай көкжал эр чыкты
Ала-Тоодой даңкандап,
Ак сеңирдей чалкаңдап,
Арага жүргөн эр чоро: –
«Абамбы десем бекемсиң,
Сен булкунуп кетет экенсиң.
Алаңды ала качкансып,
Көп дүйнөңдү чачкансып,
Силкинип кетет экенсиң,
Арам акыл, бүкмө акыл,
Түймө акылдан салыпсың,
Тууганым десем Коңурбай
Душман болуп калыпсың,
Отура калып сийбеген,
Этеги жерге тийбеген
Калдаңдаган капырды
Кылып турган ишин көр.
Ат байласа мамысыз
Такырлыгың билинди
Атаңдын көрү, Коң төрө,
Булкунгандан силкинип,
Сенин капырлыгың билинди.
Отура калып сийбеген,
Этеги жерге тийбеген,
Эзелден жөн жүрбөгөн,
Аты душман, түбү ылай
Атаңдын көрү түгөн ай,
Тууганым десем кутургур
Өлүүчүдөй күйүнүп,
Этеги карыш тилик ит,
Жөнгө келбес Коңурбай,
Булкулдаган доңуздун
Асылың аман койдумбу,
Дыгдырылып булкунуп,
Ээ, ботом, Алөөкөнү сойдумбу?
Алаңды ала качтымбы?
Атаңдын көрү, Калча кул,
Сенин ак теңге булуң чачтымбы?
Жеп жиберчү эмедей,
Желигесиң сен Калча,
Кабыңа сала кетчүдөй.
Ээлигесиң сен, Калча,
Бууруулдун буту тийгенге,
Булкулдайсың сен кытай,
Бузуктун башы Буурулда.
Аттын буту тийгенге
Мынча неге булкундуң,
Айбандын буту тийгенге
Атаңдын көрү, кытай кул
Мынча неге жулкундуң» –
Деп, ошентип, Күлчоро:
«Адам, малдын буту тийгенге
Маадериң байлап алгансып,
Баатырың жайлап салгансып,
Күйөөрүңдү соргонсуп,
Күбүңдү тешип койгонсуп
Күүлөнөсүң кытай кул,
Айылдаш тууган болдук деп,

www.bizdin.kg



Арага жүрсөм апылдап,
Сүйлөнөсүң кытай кул,
Мурдатан койбой жайыңа,
Булкунуп тийдиң жиниме,
Каардандым, какайдым,
Эми катылбай койбойм бириңе.
Арамдык түшүп бейлиңе,
Керээзиң айта кетесиң
Бере, кырк уруу кытай элине.
Ата, өзөлөнгөн чоң манжуу
Каарлап кеткидей,
Кан атаңдын өчү жок.
Кытай, казыр тийдиң жиниме,
Кыраандык жиним кармаса,
Эми кырышпай койбойм бириңе» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Адам, алтын жаак айбалта
Мизи карыш жалжайган,
Шилтеген жерден кан жайган,
Чокусу болот муштумдай,
Баатыр айбалта жайы ушундай.
Шамдагай тууган шер чоро,
Ата жакылдаган эр чороң
Алтын жаак айбалта
Аңдыганы алачыктай чоң Калча.
Мына жапылдаган эр чоро
Коңурбай канга жетти эле,
Айры шили тушу – деп
Ооз омуртка, кара куш
Орто жери ушу – деп,
Өлөр жердин тушу – деп,
Өлбөй калса Коңурбай
Жаман болор ушу – деп,
Жаңжалдын жаман баласы
Моюнга чаап ийгенде,
Кандай болор экен – деп,
«Бая кан атам Манас кандын
жарасы.
Атамды чапкан Калчаны
Так өзүңдөй кылайын,
Ушинтип кегин алайын,
Бул кутурган Калчаны
Узунунан салайын,
Бир атам турмак Калчадан
Жети атам кегин алайын.
Ушул Алөөкөнүн Коңурбай
Айбалталап жанчайын,
Эрдемсиген Калчаны
Умаштай көзүн ачайын,
Калк ичинде жанчайын,
Калтырбай каарын салайын,
Тоодой болгон Коңурбай
Токмоктоп башын алайын.
Бу тозоку капырды
Ай-ааламды буй кылган
Канкор Калча капырды
Кытайга улук шерлерди,
Кылымдын баарын кууратkan
Кыйынсыган бул эрди,
Айла тапкыч ыктууну,
Ааламга салган чоң жаңжал
Канга тоюп катыккан
Ай-ааламды буй кылып,
Арслан болуп атыккан
Ичсе канга тойбогон,
Керишсе жанды койбогон.
Кечил каны чочкого
Күрдөлүү жиним кылайын,
Жалгыз Калча бул эмес,
Жабылтып журтун кылайын.
Калабаны салайын,
Күлчоро кылды дедиртип,
Мен чоң абийирди алайын.
Аяныр тирүү жүргөндө
Не муразга жетейин
Кылча койбой кытайды
Кыргын кыла кетейин» –

www.bizdin.kg



Деп, ошентип, Күлчоро
Ачууланып бакырып,
Айбаты кыйын шер Чоро
Атасы Манастап ураан чакырып.
Желиккен бойдон кутургур
Коңурбайга жетти эле,
Алтын уңгу айбалта
Кармай калып имерип,
Мына ошондо Калчаны
Айры шили ушу – деп,
Каракуштун тушу – деп,
Тартып келип жиберди.
Жебеден мурун жеткенде
Жетип тартып өткөндө
Мына ошондо Коңурбай
Көзү кетип алактап,
Эси ооп эндиреп,
Акылдан танып шалактап,
Жер кучактап дардайып,
Берен Калча абаңдын
Кулап кетти барбайып,
Калча кулап кеткенде
Жебеден мурун Күлчоро
Эзкарага жетти эле.

## КҮЛЧОРО КОҢУРБАЙДЫН, ЭЗКАРАНЫН БАШЫН ЧАПКАН ЖЕРИ

Манжуу каны Эзкара
Колундагы Зулпукор
Шиберге койсо өрт кеткен
Шилтегени мүрт кеткен,
Кыйкырып кындан чыгарса
Мизи өрттөнүп кызарган,
Шилтеген сайын бул каран
Кырк кулач болуп узарган,
Канга мыктап тойбосо
Катса кынга кирбеген,
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Колундагы Зулпукор
Зулпукорду сууруп
Эзкара канга жетти эле,
Манжуу каны Эзкара
Барып жетип Күлчоро
Кылыч менен салды эле
Денеси калып, башы жок
Бөлөк болуп калды эле.
Коңурбайдын кырк төрө
Алты миң кытай, сан калдай,
Аралаш кол салганы
Кылыч менен кылычтап,
Алысыраак жүргөнүн
Айза менен сайгылап,
Андан жакын келгенин
Кылыч менен кыргылап,
Берени Калча карысын
Кызык кырды Күлчоро,
Бая, кырк төрөнүн баарысын.
Баатырсынган кырк төрө
Өлүп жатты сырайып,
Кулап жатат тырайып,
Денеси калып башы жок,
Кээ бири жатат тырайып.
Күлчоро кыргын салды эле.
Бая жөө турган Семетей
Атасы Манас Айкөлдөн
Арта тууган кургуруң,
Улуксунган эрениң,
Ушундай көкжал берениң,
Өзөнчөнү майлаган,
Өчөшүнө тийгенде
Өз атасын жайлаган.

www.bizdin.kg



Жүргөнү булук чаң болгон,
Шимиргени кан болгон,
Канга тоюп катыккан,
Кабылан көкжал атыккан.
Ай-ааламды буй кылчу
Артык көкжал Семетей
Чуркап келет барбаңдап,
Шашып келет дардаңдап.
Көкжалдыгы көрүнөө
Чаначтай мурду барбаңдап,
Канкор төрөң дардаңдап,
Каар салып бакырып,
Кан атасы «Манастап» ураан
чакырып.
Жазайылын* салынып,
Атасы Манас канга жалынып.
«Айланайын шер чором,
Шай колдогон эр чором,
Өөдө тартсам өбөгүм,
Ылдыйга кирсем жөлөгүм,
Астыга салсам ак жолум,
Айдоого салсам сан колум,
Күлчоро сендей балага
Чымындай жаным садага,
Аргымак багып, ат багып,
Арбуурул өңдүү бууданга,
Айлансам болот кыраанын,
Күлчоро сендей тууганга.
Маңдайдагы паанайым,
Мура болгон таалайым.
Кылымдан ашкан кыраакым,
Таалайга бүткөн мураапым,
Бала көкжал арысланым.
Таалайыма жазганым.
Асты салсам ак жолум,
Колумда болот чокморум.
Кадыр түндөй көлөкөм,
Кагылайын берекем.
Жети түмөн жоо келсе
Жеке аралап бергеним,
Кургурга жолдош болом деп,
Таалайыма чийгеним.
Кагылайын Күлчором,
Алгыр шумкар сен элең,
Абакең көкжал мен элем.
Айткан сөзгө көнө көр,
Калдайдын уулу капырдын,
Алдыңдагы кан Коңурбай баатырдын
Мага бир кашык канын бере көр!
Ой, Күлчоро арысланым,
А дүйнөгө барганда,
Агасы менен иниси
Экөөлөдү дебесин,
Экөө бирдей өзүмдү
Өзөк кылып турбасын.
Калжыраган капырды
Ушинтип Кудай урбасын.
Ачууңузду тыйыңыз,
Чором, алдыңдагы капырдын,
Ата, душман батырдын
Бизге кашык канын кыйыңыз.
Каарданып какайбай
Эр арыслан жиниң тыйыңыз.
Тууганым тилим алыңыз,
Колуңдагы Калчаны
Берерим аба, мына деп
Белекке бере салыңыз!
Эрдигиңди тыйыңыз,
Колуңа түшкөн Калчаны
Өлтүрбөстөн житирбей,
Бизге канын кыйыңыз!
Деген сөзгө көнүңүз,
Арысланым Күлчоро,
Алган жемиң бериңиз,
Айланайын арысланым,
Күлчоро сендей балага
Аргын, кыргыз, абакең
Астыңа кетсин садага!

www.bizdin.kg



Жыргаттың менин жанымды,
Тартууга бердим ал балам,
Алдыңда тулпар малымды.
Саа садага кыламын,
Бир чымындай жанымды.
Каалаган кадыр түнүмсүң,
Чын уялаш жан бирге
Кагылайын инимсиң.
Чекеме тийген күнүмсүң,
Жарыгы журтту жалгаган
Жакшына кадыр түнүмсүң.
Каралды кылган биримсиң,
Асылым сендей балага
Абам Бакай, Сарыкан
Такыр кетсин садага!
Балам, жети күндүн бири өлүм,
Кадырман жан өлгөндө
Экөөбүздү мына деп,
Калк чогулуп көмгөндө
Жекеме-жеке урушпай,
Кордук кылды дебесин.
Төрөсү менен чоросу
Зордук кылды дебесин,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Атаңдын көрү, алакчы
Ушундай болор дүйнө бок!
Жети күндүн бири өлүм.
Дагдыр жетип өлгөндө
Калк солдойтуп көмгөндө,
Жазабызды кара жер
Талкан кылып бергенде,
Мыш-мыш ушак чын болсо,
Кулду Кудай урбасын.
Экөө өлтүрүп кетти деп,
Таңдын магшар күнүндө
Бизден канды сурап турбасын!
Деген сөзгө көнө көр,
Чын Күлчоро сен болсоң,
Чын Семетей мен болсом» –
Деп, ошентип, Семетей
Чуркап келет дардактап,
Басып келет барбактап.
Адырмакты, чыбырды
Басып келет кабылан.
Канын сурап Калчанын
Шашып келет кабылан.
Бөөдө өлтүрүп иет деп,
Чурап келет кабылан
Кашык канын Калчанын
Сурап келет кабылан.
Жакын төрө келгенде,
Кайнаган кызыл чок экен,
Жан жараткан адамда
Деле Чородой неме жок экен.
Манастан калган Боз кисе
Мына ошондо Күлчоро
Моюнуна салынып,
Күлүндөгөн кайран шер
Абасына жалынып:
«Белгилүү кептен салыңыз,
Белекке берем Калчаны
Берени аба, алыңыз!
Талыкпай кептен салыңыз,
Ата өлтүргөн душманды
Тартууга берем алыңыз!
Кандуу болсун колуңуз,
Оюңуз менен болуңуз,
Арыслан бугу алгансып,
Оңурайган чочкону
Кан аба, ойноп жүрүп союңуз
Ата, күмүш көздүү, күн жүздүү
Он эки мүчөң тең абам,
Ай-ааламды буй кылган
Айланайын эр абам.
Деген сөзгө көнүңүз,
Кургуруң иши оңолсун,
Кырсыкты кесер кымбатым.
Менин кул деген атым жоголсун.

www.bizdin.kg



Деген сөзгө көнө көр,
Менин күзгүдөй ишим оңолсун.
Курама атым жоголсун,
Аким болуп жүрүүгө
Абам султан, көкжалым,
Эч болбосо аргын элди бере көр.
Менин тоюма токсон соё көр!
Менин кара сөөгүм ак болсун,
Эч болбосо кыргызга
Кымбат төрө, шер абам,
Кан көтөрүп коё көр!» –
«Балам Жылгындуу, Кең-Кол,
Кең-Талас
Жерди аясам оңбоюн,
Жыргалдуу аргын, көп кыргыз
Элди аясам, кулунум,
Эзелде эки болбоюн!
Калкымды коюп канымды ал,
Балам, бөлөгүн коюп жанымды ал,
Көрүнөөсү көкжалдан сендей
болсобу,
А, балам, сенден аяган киши оңобу» –
Деп, ошентип Семетей,
Жыргалдуу кыргыз, көп аргын
Айлын тартуу кылды эле,
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Жерин берип турду эле.
«Күлчором, калк кааласа өзүмдү ал
Каалап турсаң абаңдын
Карарган кара көзүн ал!» –
Деп, ошентип, Семетей
Арыслândай көзү жайнады,
Атасы көкжал берендин
Кан ичмеси кармады.
Беделинен күч чыкты
Эки беттен түктөйүп,
Эсеби жок түк чыкты.
Каарын төгүп камынды,
Каарды катуу баштады.
Ачууланып айкөл-шер
Ай-ааламды жөн эле
Соруп ие таштады.
Бедели бөлөк, заары күч,
Берендиги ушундай
Бет алганды кылат түз.
Өзөлөнсө бул канкор
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Каарланса кутургур
Кан ичкенден кайтпаган.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Кыйладан бери күчөгөн,
Кызырлуу шердин тукуму
Колго түшкөн Калчага
Алтымыш кытай, кырк калдай
Арага түшкөн ар кандай.
А кытайдын ичинде
Улугу бар, каны бар
Күлчоро жыга чаап салган.
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң Кара атын байлаган.
Каруусу толук капырдын,
Кан Коңурбай баатырдын
Кабарын угуп алыңар.
Алгарадан айрылып,
Колго түшүп көрүптүр,
Манжуу каны Эзкара
Күлчородон өлүптүр.
Коңурбайдын кырк төрө
Кылчайбаган кырк жайсаң
Кызыталак Чоро деп,
Аң-таң калып туруптур.
Каарданып бышкырып,
Кан Коңурбай алдына
Айкөл барып турду эле,
Ажыдаардай ышкырып.
Эр канкорду көргөндө

www.bizdin.kg



Кыйла дөөсү көрдү эле,
Кыйындары, шерлери,
Кыйын баатыр эрлери,
Кээсинин жүрөгү түшүп өлдү эле –
Аң-таң калып күүлөнүп,
Шашып жүргөн аярлар,
Алапайын таба албай
Качып жүргөн аярлар,
Кээ бирөөсү кержейип,
Кеттим деп жандан түңүлүп,
Кээ бирөөсү баатырга
Келиндерче жүгүнүп
Анталаңдап шашышып,
Кээ бирөөсүн карасаң
Төбө чачы сүксөйүп,
Кээ бир кыйын балбаны
Эми кыргын болдук деп,
Айла таппай үксөйүп
Тобун жазып быркырап,
Семетейди көргөндө
Кайнап жаткан көп улук
Аттан түшүп чуркурап,
Жөн эле жол бошотту дыркырап.
Шыбыраша калышып,
Чууга кирип кетиптир,
Күбүр-шыбыр чоң жаңжал
Дууга кирип кетиптир,
«Каза тапсак өлөрбүз,
Каарлуу шерге кабылдык,
Каканды кантип көрөбүз,
Бери урган шер менен
Бет алышсак өлөбүз,
Бээжинди качан көрөбүз?
Амандыкты-соолукту
Айтпай калар бекенбиз,
Кырк уруу кытай, каканга
Кайтпай калат экенбиз».
Кээ бирөө кейип турат болкулдап,
Кээ бирөөсү чымындай жандан
түңүлүп,
Ыйлап турат солкулдап.
Журт чуркурап, эл толду,
Анык канкор кан ичме
Баатыр көкжал Семетей
Коңурбайга кеп урду,
Ачуусу келип арбайып,
Ач арыслandaй күрүлдөп,
Сакал менен муруту
Кеткен экен бириндеп.
Каарын төгүп сабылып,
Колго түшкөн эмеспи
Коңурбай турду жалынып,
Чабайын деп Калчаны
Көкжал турду камынып.
Эки көздүн кычыгы
Семетей жайы мына бу
Адырлуу тоо быткылдай
Бүлкүлдөсө бул кургур
Бүт Бээжинди жуткудай
Мурунуна карасаң
Селебенин кабындай,
Муруту Букар шабындай.
Эки көзү өрт жалын,
Карап адам шашкандай.
Чымын жандан түңүлүп,
Кез келгендер качкандай.
Тооруганы жолборстой,
Кыймылдаса канкордон
Кылым аман болбостой.
Алгырлыгы албандай,
Каарланган адамын
Кайсап салып чалгандай.
Ааламды буй кылып,
Кыймылдаса алгандай.
Бадырайган аппак тиш –
Баатырлыгы момундай,
Кулагы сайдын ташындай.

www.bizdin.kg



Эки ийиндин мүрүсү
Адам ай, булуттуу тоонун башындай.
Эки мурун түтүгү
Түгөнгөн капчал чатындай.
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн
Баатырлыгы момундай
Кан Коңурбай Калчага
Каарланып дүпүлдөп,
Кыйкырып колду сунду эле,
Ач арыслан дай аркырап,
Жакадан кармап турду эле
Жан соогалап Коңурбай,
Көк ала сакал чоң манжуу
Ошондо кептен урду эле
Ал Коңурбай капырга
Чымырканып Семетей:
«Кечээ, Бээжинге бейпай салганда,
Бет алышып турупсуң,
Зыйкырчыңды каптатып.
Алп-шерлердин баарысын,
Атакем Манас карысын
Түп көтөрө жайлапсың,
Кыраандардын баарысын.
Өзүм да мындай болот деп,
Ойлодуңбу, Коңурбай,
Эрендерди, кандарды
Сойгонуңбу, Коңурбай.
Өзүм колго түшөм деп,
Арт жагыңды бир карап,
Ойлодуңбу, Коңурбай?
Алп, дөөлөрдүн баарысын
Соргонуңбу Коңурбай?
Кечээ, Каканчынын буларга,
Кечээ, кайран атам зор Манас
Кагыш кылып турганда,
Жанчы салып кытайдан
Жатканыңбы Коңурбай!
Кечээ, таң кашкайып сүрөрдө,
Жерге жарык тиерде,
Айбалта менен атамды
Чаппадыңбы, Коңурбай,
Айла менен акылын
Сен таппадыңбы Коңурбай!
Ажайыптан окуган,
Атагын уккан чочуган,
Зыйкырчынын баарысын
Ээ жандадың, Коңурбай,
Атам көкжал Манасты
Айлаң менен кутуруп,
Не алдадың, Коңурбай?
Атың күлүк, өзүң эр
Жутунгансың Коңурбай,
Айла тапкыч ыктуусуң,
Ааламдан бөлөк мыктуусуң.
Каарланып жайланып,
Саадагың кыя байланып,
Тартуу кылып Чет-Бээжин
Толук качып алты айга
Кутулгансың, Коңурбай,
Кең-Бээжинге барганда
Тирүү адам беттегис
Зорду жыйып уруштуң,
Кулак угуп, көз көргөн
Колду жыйып уруштуң,
Бээжинден кайра тартканда
Берен атам Манаска
Бейпайды жаман салыпсың
Кабарман өлүп, кан өлүп,
Каттаган жандын баары өлүп,
Кылча койбой чырдашып,
Кыйындын баарын берипсиң
Жалпы эренди союпсуң,
Союу жактан тоюпсуң
Жетим кылып балдарын,
Жесир таштап катынын,
Олжолопсуң бууданын,
Кул кылыпсың тууганын.

www.bizdin.kg



Жадалың салып Коңурбай
Кагышкандын баары өлүп
Атак алып тунупсуң,
Жетиктердин баарысын
Айдап жүрүп кырыпсың,
Азапка салып карысын.
Кытай милек, кыргыз аз
Өлтүрүпсүң, сен Калча
Эрендердин баарысын.
Алмамбет, Чубак ал кайда?
Серек, Сыргак бул кайда?
Бээжин эмес ааламды
Кырып ийчү кул кайда?
Көк ала сакал чоң манжуу.
Атышты арбын баштапсың,
Алтымыш келин, тул катын
Айылды каран таштапсың.
Айтчы азыр сөзүңдү,
Көрөйүн жакшы көзүңдү», –
Деп ошентип Семетей
Калчага айтып турду эле.
Алөөкөнүн Коңурбай
Айтып турган кеби бул:
«Ай, Семетей, эр канкор
Эр экениң чын экен,
Телегейиң жаралган
Тең экениң чын экен,
Атаң Манас көкжалдан
Артылта тууп таштаган
Эр экениң чын экен.
О, Семетей, көкжалым,
Темир аркан үзө албай
Торуңузда турабыз,
Теңселип өөдө чыга албай
Оруңузда турабыз,
Эр жаңылып кор болуп,
Баатыр ай, колуңузда турабыз.
Айтканымды билип ал,
Арысланым көкжал тилимди ал,
Чынмачынга, Бээжинге
Чындап туулган шер элем,
Жер Каканчы кырк кан эл
Кайтарган Калча мен элем
Өлтүрбөстөн, житирбей
Мени байлап алыңыз
Бээжиндеги кандарга
Арага элчи салыңыз,
Чынмачындуу Бээжиндин
Кандыгын сурап алыңыз,
Мени өлтүрсөң айла жок,
Жайлап койсоң кокустан
Бир чымындай пайда жок.
Өлбөгөндөн калышат,
Берен Калча өлдү деп,
Бээжиндеги кырк канга
Кабар айтып барышат,
Асманга учат топурак,
Аскер жайнайт топурап,
Журт жайылып өтүшөт,
Эл кырыша кетишет.
Ай бөксөрүп, күн өлүп,
Чоң чатак тууйт минетип,
Ар жагы Кап-Тоо бийик тоо
Жерге чейин салышат,
Быяк жагы Желпиниш
Жерге чейин салышат,
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Чоң кыргын болот мунетип.
Калк чайпалып, журт толкуп,
Катуу булук туулат,
Ааламга болот чуулган,
Орнотулуу там элем,
Кыймылдатпай Бээжин журт
Биле жүргөн кан элем.
Ой, Семетей көкжалым,
Сүйлөгөн тилим алыңыз,
Эл бузулуп журт өлөт
Булук кылбай калыңыз!

www.bizdin.kg



Капкалуу шаар Бээжинге
Каны колго түштү деп,
Кан Коңурбай карысы
Баары колго түштү деп,
Бизди өлтүрбөй бек байлап,
Бээжинге буйрук кылыңыз.
Тартууга дилде, кыз алып,
Ой, көкжалым тунуңуз!
Өлтүрүп ийсең оржоңдоп,
Уят болот мунуңуз!
Кашыктыр биздин каныбыз,
Каның колго түштү деп,
Каканга кабар салыңыз
Манас тургай жөн эле,
Жети атаң өчү бүтүүчү
Айкөлдүн кунун алыңыз.
Биздин Бээжин шаарда
Алтындан салган ордо бар,
Кумга жарар жорго бар.
Айттым ушул билип ал,
Айкөлүм баатыр тилимди ал,
Алты күлүк ат менен,
Алакандай кат менен,
Абаңыз Бакай карыя
Көбүрөөк бурку тил билген,
Эрен Бакай көкжалды
Элчиликке шайлаңыз!»
Кары кандын алтын так
Мунун тегереги чынар бак,
Короолонгон алма шак.
Адамга сонун баркы бар.
Жаратылган каркыбар.
Эшигинде ажайып
Бак сайылып турууга,
Ошо бактын үстүндө
Тоту куш, булбул чуулаган,
Андан ары барганда
Кызыгы кыйын караңар,
Алты сай жерден лоп тарткан.
Тегиз окшош кара нар,
Алтымыш кулач ажыдаар
Мында ар дүмөктүн баары бар.
Бээжин жайы беш бөлөк,
Нур төгүлгөн сыягы.
Кураалы деген жылкы бар,
Куйган темир туягы.
Баатыр, өлтүрбөй тирүү койсоңор,
Сиздики болсун бу дагы.
Дегениңе көнөйүн,
Кырк кан эли кытайдын
Кулак угуп, көз көрбөс,
Дүнүйөсүн берейин.
Жериң алтын, бедел жок
Ал Бээжиндин ичинде
Нелер бар да, нелер жок.
Албан түрлүү кебиң бар,
Алтын казган кеним бар,
Чай чыгуучу жерим бар,
Ошо жерди ээлеген,
Барып адам жеңбеген,
Чалыяр чаркы келбеген,
Артык шаар Каканчын
Каканчы шаар алыңыз,
Кытай менен кыргызга
Султаным, кан аттуу болуп калыңыз,
Мени өлтүрсөң айла жок,
Бир чымындай пайда жок.
Мени өлтүрсөң жан кетет.
Калың журттан ал кетет,
Караган өлөр, кан өлөр
Калайман болуп жан өлөр» –
Деп, ошентип, Коңурбай
Дуугa салып турду эле,
Аныкбаган бир кызык
Чуугa салып турду эле,
Акыл айла, амалпоз
Калбаганы турду эле,
Кебез белбоо, кең өтүк

www.bizdin.kg



Кечилдин каны чоң чочко
Келиштирип канкорду
Алдаганы турду эле.
Анда-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгунча
Атасынын сырдашы,
Арыслан Бакай курдашы,
Карчыгадай камынып,
Кайран Бакай көкжалың
Кайыптан акыл табылып.
Көөдөк тууган эр султан
Бөөдө алдатып кетет – деп,
Кандуу моюн эр Калча
Жана түпкө жетет – деп,
Ашып-шашып эр Бакай
Капыядан сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан,
Сүйлөсө иши чеки эмес,
Айтса сөзү эки эмес.
Бузулбаган калыстан
Билсең Бакай эр мындай
Жеке чыккан жарыштан.
Тилге чечен, сөзгө уста
Эр Бакайдын эби бар
Айтып берсе Бакайдын
Ар олуя сөзү бар.
Алты айчылык азапты
Азыр тиктеп көрүүчү
Бакай кандын көзү бар.
Агарып сакал чүчтөдөй,
Айтканында киргил жок,
Ар кылганы мистедей.
Абаң Бакай эр көкжал
Минген аты Көкчолок,
Көкчолокко камчы уруп,
Көкжал Бакай күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп:
«Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эсер уулум, оңбой кал!
Артыгың бар, арың жок,
Алаткүн, уулум оңбой кал!
Чоң-Бээжинге кан болуп,
Коңурбайдан жай болуп,
Азапты өзүң ойлойсуң,
Азап күн уулум, оңбойсуң!
Астындагы Кара аты
Кара атынын бар эле,
Капталында канаты.
Качан болсо Коңурбай
Ай-ааламды буй кылып,
Алдай жүргөн адаты,
Бу дүнүйө жалгандан
Куйкалаңган Калчадан
Айтылбай акыл калбаган,
Аңкоо уулум, сен эмес
Атаң Манас көкжалды
Алты сапар алдаган.
Тилге чечен, кепке уста
Тилегиң каткан эр Калча.
Карып кылган канымды
Калтырбай кырган барымды.
Кечилдин каны эр чочко
Жорго кептен салбайбы,
Жоболоңдуу Кара атын
Алмамбеттин артыгы,
Чородон алдап албайбы!
Каканчынын канына
Калың мүшкүл дуу салып,
Бүткүл Бээжин баарына
Булукту чогуу кылбайбы!
Ичиндеги тилчисин
Адамдын сырын билчүүсүн
Аңдытып коюп куу Калча
Ай-ааламдан ашкан бу Калча
Байыркы чырын кылбайбы,
Колго тийген Калчага
Кокуй көөдөк алдатып,
Кордукту койдой кылбайбы,

www.bizdin.kg



Бу кызыталак кытай кул
Момун журтту кырбайбы,
Бегине бейпай салбайбы,
Берениm, так өзүңдүн башың
албайбы!
Коңурбай жайы ушундай,
Бизди урчу Кудай урбайбы,
Бээжинин Калча береби
Айла-акылын таппаса
Тырайып киши өлөбү,
Тутанып өлгөн чочкого
Кебине адам болобу,
Манастын уулу бадирек
Сени эр деген киши оңобу?
Атаң Манас шер болчу,
Айтса тилди албаган,
Айдаса жолго салбаган
Так эле сен өңдөнгөн эр болчу.
Кыйкырык салдым билип ал,
Кымбатым уул, угуп ал.
Каканды берем дегени –
Казганы жүрөт орунду,
Калжыраган чоң манжуу
Бу кылганы жүрөт сонунду,
Көөдөнүңдө бушманың.
Көп тындым кылып сой уулум,
Атаң Манастан калган бушманың» –
Деп, ошентип, зор Бакай,
Ачууланып карыя
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Чымырканып желигип,
Чыны менен ээлигип:
«Колго тийген Калчаны
Туура алдатып турганын,
Туйгун чорону Кудай урганын
Кулчоро колго түшүрсө,
Өзү алдатканы турганын.
Манастан туубай өлүп ал,
Туубай туна чөгүп ал!» –
Деп, ошентип, зор Бакай
Арманын айтып өкүрүп:
«Туулбай тунар чөгүп кал уулум,
Менин айтканым ушул көрүп ал,
уулум,
Бул Бээжин бизге жер болбойт,
уулум,
Бу кытай бизге эл болбойт, уулум,
Алөөкөнүн Коңурбай, уулум,
Аяп бир турсаң мени кыл, уулум,
Сени каралды кылып нетейин,
уулум,
Калчаны аяп сен турсаң, уулум,
Мен бир сүйгөн жакка кетейин,
уулум
Калчаны тирүү койбогун, уулум»,–
Азыр тилим албасаң уулум,
Эзелде эки болбогун уулум!
Манастан калган көкжал деп уулум,
Арка бир кылып нетейин уулум,
Алаткүн бүгүн кетейин уулум!» –
Деп ошентип, кан Бакай
Кайгыланып кабылан
Бадананы чойгулап,
Астындагы Көкчолок
Башка-көзгө койгулап.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп,
Каарданып тутулуп,
Канкор Бакайдын көөнү бузулуп.
Бакай тилдеп турганда,
Эр Семетей баатырдын
Ичи өрттөнүп чок болду
Канкор кайдан токтолду.
Бөрк ал десе, баш кескен,
Суу ич десе, уу ичкен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Кайранындын тукуму

www.bizdin.kg



Тактан кайра тартабы,
Абасы Бакай күүлөсө,
А Семетей чиркин шер
Коңурбай эмес кутургур
Бут Бээжинден кайтабы?
Кебез белбоо, кең өтүк
Келберсиген Калчаны
Кереэленип бакырып,
«Манастап» ураан чакырып,
Айдалыда айдар чач
Кош колдоп кармап имерип,
Чачтан кармап Калчаны
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Жерге чаап жиберди.
Эпсиз балбан эр жылас
Бир чаппады үч чапты,
Кечилдин каны Коңурбай
Акыл танып, эс кетти.
Өлөр-өлбөс жан менен,
Өпкөсү оору кан менен
Кез-кезде оозу ачылып,
Калың тыргоот, көп манжуу
Кан жоголду эми – деп,
Качып жүрөт чачылып.
Калча минтип турганда,
Манастын уулу эр көкжал,
Айры шили тушу – деп,
Өлүүчү жер ушу – деп,
Кылыч менен салды эле,
Теги койбой кылычын
Тээп сууруп алды эле.
Айбалта менен салды эле
Уңгуда кеткен балтаны
Убара болуп көкжалың
Араң сууруп алды эле,
Бээжинге салган чоң жаңжал,
Алгын десе Калчаны
Көтөргөн экен көп балбан,
Кыраандарың барында
Кытайга салган чоң жаңжал.
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Жоболоңдуу Калчаны
Көөнү менен коржоктоп
Кокуй канкор сойду эле.
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Көкбөрү кылып салды эле,
Кечээ, алты миң нар, кырк тайга
Сатып алган Актинте
Кый сүбөөгө малды эле,
Даңгыттарга жарды эле.
Ичиндеги кара кан
Кочуштап жутуп алды эле,
Манастын уулу көкжалың
Күйүттүн баары чачылып,
Күзгүдөй көөнү ачылып,
Капанын баары чачылып,
Кабак жарык ачылып.
Баатыр Бакай карысы
Күнүмү Кудай берди – деп,
Күрсүйгөн Калча өлдү – деп,
Бар дүмөктөн түңүлүп,
Арысландын баары тирилип,
Көп абийир бизге табылып,
Көрүнгөн көчүк жабылып.
Коңурбай союп салганы,
Айт дегизбей Калчаны
Башын кесип алганы.
Эзкара менен Коңурбай
Жылмайып экөө өлдү – деп,
Кана тоюп канына
Кан ичердин тукуму
Эзкара, Калча эки кан
Башын кесип алды эле,
Экөөнүн башын жанаша
Эки дөңгө койду эле.
Чоң Каркыра оюнда
Каркыранын Кара-Саз,

www.bizdin.kg



Кара-Саздын боюнда,
Туз кайнаткан бул аштын
Кутпа жакы четинде
Казаташып каталып
Ушу күндөн ошо күн
«Эки баш» болуп аталып,
Эр Коңурбай, Эзкара,
Эр Чандаяк өлдү – деп,
Кайра тартпас чын жайды
Бээжин ээси көрдү – деп,
Ат оюнчу, жөө күлүк
Жетип кабар бергенде,
Кытайга түштү чоң бүлүк.
Эрен Калча өлдү деп,
Кабар барды канына.
Калың мүшкүл, чуу түштү,
Кайнаган кытай баарына.
Кабарын угуп алган жан,
А башчы болуп кырк жайсаң.
Болбойт сөздүн бекери,
Эр Коңурбай жөкөрү.
Коңурбайдын жанында
Кошо турган кырк төрө,
Эр Коңурбай өлгөн соң,
Мына ошондон чыгат аңгеме,
Боз ала желек туу болуп,
Бойбойлогон чуу болуп,
Айчыгы алтын туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Бээжинге аман тартпаска
Калың кытай чуу болгон.
Каканга аман кайтпаска
Бел байлаган кара кыр
Белибиз Калча кетти – деп,
Бек айлакер журт бакчу
Шерибиз Калча өлдү – деп.
Алмамбет уулу чорого
Алдатып өлгөн болобу,
Күңгүрөнүп чуу туруп,
Карапчы кийген кан ыйлап,
Калың кытай баары ыйлап,
Беренжини салынган
Бейпай тартып эл ыйлап,
Таш сайынган таза ыйлап,
Күрмө кийген күчтүү ыйлап,
Беренжи кийген бек ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Берен Калча – деп ыйлап,
Каралуу тартып кырк кан эл
Көңүлдөрү бөлүнүп,
Көздөн жашы төгүлүп,
Акылдары бөлүнүп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Өлүүчү түрү көрүнүп.
Мына ошондо береки
Калың кытай чуу туруп,
Добулбасты карс уруп
Өлүп кетер чуу салып,
Адам өлөр ант кылып,
Кыргынды кызык салууга,
Бири калбай көп манжуу
Кырылышып калууга,
Туу түбүнө турары,
Чын балакет булары.
«Бел байлаган бел өлдү,
Белгилүү Калча шер өлдү,
Коңурбай аттуу кан өлдү,
Коңурбайдан айрылып
Чоң-Бээжинге кайрылып
Не мураазга жетели,
Тирүү жан калбай кытай журт,
Кызыталак бурутка
Кырылыша кетелик,
Ичке бузук салдырып,
Коң төрөнү чалдырып,
Журт кырылган чоң мүшкүл
Көрбөй кантип кетелик?
Кызыталак бурутка

www.bizdin.kg



Талкаланып урушуп,
Өлбөй кантип кетелик
Бир чакчелекей буруттан
Көрбөй кантип кетелик.
Кыргын тийип чалдырып,
Кыргызга келип кайрылып,
Эр Эзкара, Чаңдаяк
Коң төрөдөн айрылып,
Бээжинди кантип көрөбүз,
Калдайыбыз калбастан,
Кызыталак бурутка
Кырылышып көрөбүз.
Кылча көрбөй куу жанды
Бул бурутка беребиз.
Алмамбет уулу Күлчоро
Бизге душман зилинде,
Буркан алып табынып,
Атасы жуукуй, арам кул
Бөлөкчө акыл табылып,
Дүңгүрчөктү* чачты го,
Түпкө чогуу жетти го,
Заары күчтүү төрөнү
Такыр өрттөп кетти го,
Улуңтуңду, Каканды
Туура жагы Бакбурчун
Кырк уруу кытай калың эл
Кыйырын кантип чалабыз?
Уу ичкендей кырылып,
Упарак болуп калдык деп,
Бээжинге кантип барабыз.
Каралуудай окшоктоп,
Качып-үркүп шокшоктоп,
Каканга кантип тартабыз,
Чоң кандардын алдына
Канибыз кыргын болду – деп,
Уялбай кантип айтабыз?
Кыйындарды кырдырып,
Кыргын болбой кыргызга
Журт, Каканга кантип тартабыз?
Айзакерден ыктууң кел,
Аянбаган мыктууң кел,
Калдайдан калбай каның кел,
Калбай кытай баарың кел!
Кытай илек, кыргыз аз
Кыйчалыштап биздин түш,
Кыргызды кытай кырды – деп,
Кылымда барбы ушул иш,
Кол ичинде кеңтунду,
Кол чуркурап эл турду,
Урушка белги барабан
Уйпалган чочко кеп урду.
Чоң Каканды чек кылды,
Күйүп жаны чуу туруп,
Убаданы бек кылды.
Эл казандап топтолуп,
Алтымыш жайсаң, кырк төрө
Ал кытайдын төрөсү
Өрттөнүп ичи чок болуп,
Берени Калча өлгөн соң
Кантип турсун токтолуп.
Кыйкырып айза алалы,
Кызыталак бурутка
Кыргынды кызык салалы.
Коңурбай менен Эзкара
Өлүгү тийсе чоң абийир.
Качырга байлап алалык
Денеси мына, жаны жок
Уруш мындай болду – деп,
Зор каныбыз Калчаны
Урушуп жүктөп канчаны
Кандарга алып баралы.
Бегибиз бейпай болду – деп,
Кандарды калтырбай бурут сорду – деп,
Кадырман кандын алдына
Калбай кабар салалы.
Кайнап жаткан көп улук
Кан алдынан сурайлык,

www.bizdin.kg



Алдырып салсак буруттан
Күрмө кийген күчтүүлөр
Күлүк менен желели,
Чымадан тандап ат минип,
Чын куйругун чарт түйүп,
Желигип желдет аттанып,
Түпкү канга ат алып,
Түр бузулуп, ал кетти.
Түп канга кабар салалык,
Нур төгүлгөн Бээжинге
Канкордон Калча өлдү – деп,
Анығын айта салалык,
Коңурбайдан бөлөгүн
Уңгусу болот учу курч
Комокойлуу сыр айза
Кулуйтуп өөдө ачтайлык,
Кызыталак бурутка
Койгулашты баштайлык.
Калың кытай, көп балбан
Бурутка салган чоң жаңжал.
Кыйынмын деген каныңар,
Кыргын тийген немедей
Кырылып кет баарыңар,
Төрө дөөдөй каныңар
Кан өлгөндө калк өлүп,
Калбай өлгүн баарыңар» –
Деп, ошентип, кырк жайсаң
Кыйкырыкты салганы.
Журт чуркурап чуу туруп,
Калк чуу туруп калганы.
Улуктары кандары
Тутамга келбей жөн эле
Коң төрөсүн укканда
Куйкаланды жандары.
«Кырылышып кыргызга
Өлүп кетер экенбиз,
Улуктарды бурутка,
Ушу бурут деген журутка
Берип кетер экенбиз.
Бир жан калбай Каканга
Өлүп кетет экенбиз.
Эр Коңурбай кан өлүп
Сопол болгон экенбиз,
Эренден кытай айрылып,
Токол болгон экенбиз.
Жаман арбын, жакшы жок
Топор болгон экенбиз.
Мүйүз сурап белсенип,
Токол болгон экенбиз.
Каргылуу шерден айрылып,
Бээжинге кантип тартабыз?
Бээжинден белсене чыккан кечилге,
Кан төгүүчү кесирге,
Кыйкырса көп укпаган
Ыламалуу баатырга
Ырас дүмөк, мүшкүл иш
Жеңди кечил баатырга
Кайран дөөлөр өлдү – деп,
Улуктарга, шерлерге
Ушунча балбан эрлерге
Уялбай кантип айтабыз?
Кызыталак кыргызга
Кылча көрбөй бу жанды
Кырылышып кайтабыз,
Канга кабар угулса
Кан Коңурбай өлгөнү –
Катуу мүшкүл чуулган,
Кан алдына кабарчы
Эртеңки күндө барбайбы,
Коңурбай өлбөй, каның өл,
Калбай кытай баарың өл.
Өлбөй калган жандарды,
Каканга барган кандарды
Катуу мүшкүл кылбайбы,
Чуркуратып бул элди
Чогуу жыйып албайбы.
Кыянкөр деген тешиктен,
Калк чубаган эшиктен

www.bizdin.kg



Чубатууга салбайбы,
Каарданып какайып,
Калчам кана дебейби!
Буруттан өлдү биз десек,
Баарыбызды жебейби!
Көрүнөө чырын кылбайбы,
Айдап жүрүп кырбайбы.
Элүү башы, он башы
Ал жүз башы, миң башы
Элдин баарын кырбайбы,
Күрмө кийген күчтүүрөк
Элдин баарын кырбайбы.
Манжууларды, улукту
Баштабайбы бузукту.
Кыргызга байлап бергенсип,
Өзүбүз качып келгенсип,
Качан болсо кан аты,
Кан өлгөндө кутуруп,
Качанда болсо талкалап,
Кырып иймей адаты.
Эрен Калча, Эзкара
Белим кана дебейби,
Адам, бет алып бизди жебейби!
Күндө эсепти таппайбы,
Жан кыюучу жарчысы
Кыйратып башты чаппайбы.
Коңурбайдан айрылып,
Чоң-Бээжинге кайрылып,
Убара болуп өлгөнчө
Бейпайды бекем салгыла.
Кутурган бурут журт менен
Кулжуңдашып жулкушуп,
Кырылышып калгыла.
Жаман калып жакшы өлүп,
Албан түрлүү калк өлүп,
Таш сайынган таза өлүп,
Күрмө кийген күчтүү өлүп,
Айгайлашып булкушуп,
Ары-бери жулкушуп,
Кыргынды кыйла салалы.
Кызталак бурут журт менен
Бүгүн бир кырылышып калалы».
Кырк төрөнүн сүрөөнү –
Кытай чуулап, чуу турду.
Добулбасты карс урду,
Бил териси дообулбас
Үнүн уксаң оолак кач.
Чылгый билдин териси
Балбан кагып жиберсе
Көчүп кетет аңгырап
Жер-жерлердин керүүсү,
Ошо добулбас бекем кагылып,
Жайнап жаткан көп улук
Коңурбай кунун кууйлу – деп,
Калган экен жабылып.
Кытай, кыргыз урушу
Кыйла мүшкүл жумушу,
Очогор опсуз атылып,
Ажалы туура келген жан
Ажалга өзү чатылып,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Жаанын огу зыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап.
Катуу кыргын, чоң жаңжал,
Көргөн жандын өзүндө
Болгон эмес эч арман.
Алыскы элдин жомогу –
Кырылыш мындай болобу?
Кыйкырып айза сунушуп,
Кырылышып урушуп,
Кылыч менен чабышып,
Маңдайлашып баатырлар
Бадырандап калышып,
Кыжы-кыйма жан болуп,
Кызык согуш болду эле,

www.bizdin.kg



Кан төгүлүп, эл өлгөн
Бузук согуш болду эле.
Айза алышып беттешип,
Жаралашып калды эле.
Кыргыз, кытай беттешип,
Аралашып калды эле.
Муну мындай таштаңар,
Бул жактан кабар баштаңар,
Чын эсебин тапканда,
Алөөкөнүн Калчасын
Күлчоро жыга чапканда,
Жай-жарактын баарысын
Чачкан экен Алгара,
Ээр белдей белести
Ашкан экен Алгара
Каканга тартып кайрылып,
Кара кылган Коң төрө
Коңурбайдан айрылып
Качкан экен Алгара.
Баскан ташы быркырап,
Кутургурдун Кара аты
Качкан экен зыркырап.
Мына ошондо Күлчоро:
«Атын кармап албасам,
Чын мүшкүлдү салбасам,
Балбандыгым курусун,
Алгарадан айрылып,
Калгандыгым курусун» –
Каарланып салынып,
Арбуурулга жалынып:
«Айланайын Арбуурул,
Адам эстүү жан буурул,
Серүү кылба сөзүмдү
Коңурбайдын Алгара
Бээжин качып кутулса,
Шерменде кылба өзүмү.
Башыңы жерге салагөр,
Аркардай арыш алагөр,
Куландай кулак жапырсаң,
Айланайын Буурул ат,
Сен куюндай жерди сапырсаң,
Темир туяк, жез билек
Тердебеген сен элең.
Кең кыргыздын ырысы
Келген чороң мен элем,
Белимди бекем бууймун,
Бул чочконун Кара атын
Каканга чейин кууймун» –
Темир туяк, жез билек
Тердебеген Тайбуурул
Тотудай куйрук чубаган,
Тоо, таштан чураган.
Анык тулпар экен деп,
Жез тумшук көрүп сынаган.
Жеткизе көр Кара атка,
Айланайын Буурул ат.
Башыңды жерге сала гөр,
Батыраак арыш ала гөр» –
Деп, ошентип, сабылып,
Айбан да болсоң Арбуурул
Буурул атка жалынып.
Үзөңгүдөн үн чыгып,
Темингиден тер чыгып,
Баскан изи быркырап,
Алачыктан чоң даңкаң
Алда Чоро кыраандын
Төбөсүндө чыркырап.
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Кажандаган жыластын
Көмөкөйдө карсылдап,
Жер бузулуп закымдап,
Астындагы Алгара
Кулан кууса куткарбас,
Кутургурдун атына
Бара жатат жакындап.
Долоно саптуу булдурсун,
Чапса кулак тундурсун.

www.bizdin.kg



Кармай калып имерип,
Каң дегизе каранды
Касыга тартып жиберип,
Кулжадай көзүн кызартып,
Кол кайыктай Арбуудан
Аркардай арыш узартып,
Алгаранын артынан
Бугудан мойнун жаныбар
Буруп кетип баратат,
Бута бою аң келсе
Буйдалбастан жарыктык,
Чурап кетип баратат.
Чурап кетип баратат.
Аркар сындуу моюнду
Аркан бою аңгектен
А дегизбей Буурул ат
Бурап кетип баратат.
Адыр-күдүр кара кыр,
Капырыңдын Караты
Белде качып баратат.
Кайрылып жан барбаган
Чөлдө качып баратат.
Адыр-күдүр ак тайпаң
Кысыкта кетип баратат,
Мээ кайнаган эң мүшкүл
Ысыкта качып баратат,
Бок жыттанган бир түркүн.
Сасыкта качып баратат.
Күйүп жаткан Кара-Кум
Кырк күнчүлүк чөл экен,
Кыйын мүшкүл бул экен.
Жандуу адам барбаган,
Жан барса тирүү калбаган,
Кузгун учса куураган,
Таскара учса так каткан,
Куу учканда жөн эле
Таңдайы кургап так каткан,
Жонжору учуп өтпөгөн,
Тоодак учуп кетпеген,
Кардыгач учуп барбаган,
Кум өрттөнүп кайнаган,
Кумганга суу койсо
Куркурап чыгып кайнаган
Эт бышымы болгондо
Кашык суусу калбаган.
Ошо чөлгө барганда
Анык кайып Буурулдун
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроодо чачылып,
Таманы жерде тарсылдап,
Жер айланып закымдап,
Жан куткарбай жакындап,
Учкан куш менен жарышып,
Эти кызып доңуздун
Оозу менен алышып,
Булуттай учуп дыркырап,
Туяк тийген жерлери
Кемегедей быркырап,
Тулпардык сыны көрүнүп,
Ирмегенде кара жер
Кат-катынан бөлүнүп,
Таштан кайра тартыптыр,
Жаадай учуп Буурул ат
Арыштан кайра кайтпады.
Карасаат жыласың
Оозунан көбүк чачылып,
Көкүлү чаңга басылып,
Үстүндөгү Чоронун
Умачтай көзү ачылып,
Эки өңүрү зирилдеп,
Кара жер чарк айланып,
Тоо, карагай, жылга таш
Калып барат бириндеп,
Астындагы Буурул ат
Учуп келет зирилдеп.
Мунарык болуп бурчтанган,
Булуңгур болуп учтанган,

www.bizdin.kg



Адыр-күдүр кырк артуу
Белге түшүп алды эле,
Ар жагында мунарык
Чөлгө түшүп калды эле,
Кокту, жылга күдүрдү
Ашып чыгып баратат,
Капыр кулдун кара аты
Карып жүнү зыпылдап
Качып чыгып баратат.
Эликтей мойнун көтөрүп,
Тең Бээжинге бет алып,
Айбан да болсо кайгырып,
Айтайын десе тили жок,
Айбандан эстүү жаныбар
Аса күтүп аңкылдап,
Ашып калган кези экен,
Арам өлгүр Бээжинге
Качып калган кези экен.
Эңкейиште кара аттын
Жал-куйругу жайылып,
Өр таянса Буурулдун.
Арыш керип закымдап,
Бара жатат Бууданым
Алгарага жакындап.
Мына ошондо Күлчоро
Зулпукорго камынып,
Кетип барат шер чороң
Буурул атка жалынып:
«Атадан калган Буурул ат,
Арышың менен ала гөр,
Капыр кулдун Кара атка
Бир жеткирип сала гөр!
Кутургурдун Кара аты
Кара ат эмес, бачагар
Коңурбайдын канаты.
Ээр-токумсуз бош барса,
Тутанып өлгөн кытайдын
Ата, Калча өлдү деп,
Туура билмей адаты.
Ата, Буурул жаныбар,
Бу кара атка жетпесең
Чама кетип, дарман жок.
Бул «Кара атка жеткизсең,
Тулпарлыгың билгизип,
Тутанып өлгөн чочконун
Чылбырын колго тийгизсең
Күлчорондо арман жок.
Башыңа үкү тактырып,
Алтын жабуу жаптырып,
Ай Буурул ат жаныбар,
Айбанга аким кыларбыз.
Эркелетип бактырып,
Өрөпкүгөн Калчанын
Өзүн жайлап, аты жок,
Алгара аты кутулса,
Кандай болду дүйнө бок!
Аска адырлуу ак тайпаң
Белге кирип барганда
Томуктай жерде тоо жок,
Токумдай чуңкур коо жок,
Буурсун* бузган чийин жок,
Суур чукуган ийин жок,
Айдай сары талаага
Ана кирип барды эле,
Алгаранын караанын
Чоро көрүп калды эле.
Мына ошондо Күлчоро
Эки көзү кызарып,
Эми качан жетем деп,
Алмадай мойну узарып.
Чыдай албай кыраанын
Чылгый ичи өрт болуп,
Алгара кармап алууга,
Ал Күлчоро кыраандын
Эки көзү төрт болуп.
Ашып-шашып эр чоро,
Ай-ааламды буй кылган
Артык балбан шер чоро

www.bizdin.kg



Астындагы Буурулга
Ондоп-солдоп камчы уруп,
Опсуз күчкө салды эле.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумганча
Ардай болгон Арбуудан
Араандай оозун ачты эле,
Кутказбастан кара атты
Коендой тепсеп басты эле.
Тепсеп Буурул жетти эле.
Алтын бурма чылбырды,
Шамдагайы болжолсуз
Шапылдаган эр чоро
Шап дегенде чылбырды
Илип алып өттү эле.
Ичке жолун төтөлөп,
Кынай коштоп Алгара
Алды Чороң жетелеп,
«Сураса бербес Алгара
Суук укурук салдымбы,
Жалынса бербес кара атты
Жайдак коштоп алыптыр,
Ойдологон кыраанды
Олжо кылып салыптыр.
Мына ошондо Күлчоро
Баабединди бат айтып,
Атасынын жолуна
Ай туяктан ат айтып.
Чын кубанып сүйүнүп,
Арсландыгы билинип.
Чын кубанып сабылып,
Ата болуп сактаган
Буурул атка жалынып,
Кагышка минсе камсыкпас,
Айтайын десең тилиң жок.
Айланайын, Буурул ат,
Сенин арышыңдан жан чыкпас,
Туу куйругуң бир кучак
Тулпар жолу байлансын.
Ар бир тулпар ат келип,
Айланайын, Буурул ат,
Буурул сенден айлансын.
Чын кыбаны кандырган
Жаратылган жан болбойт,
Айгыр карап, бээ тууган
Ай-ааламда Буурул ат
Тулпардан сендей жан болбойт,
Атышка миндим, Буурул ат,
Арман кылсам оңбоюн,
Сени балан дей берсем,
Эгерде эки болбоюн,
Таамай айза сунганда
Жоо кайсаган адатым,
Ата, айланайын Ар Буурул,
Учуп жүрөр канатым.
Абам көкжал канкордун
Таалайына жазганы,
Такыр эстен түк чыкпайт,
Айланайын, Буурул ат,
Ушул Алгараны басканың.
Кармашкан жоону буй кылган
Күлчородой жан болбойт.
Беттесе жанды куткарбас
Буурул аттай мал болбос,
Кынап коштоп экөөлөп,
Онжоңдотуп кара атты
Олжого Чоро жетелеп.
Тамаша чууну салууга
Баласы өлгөн бабасы
Байкуш Бакай абасы.
Кымбат Бакай шерине
Тартуу кылып баруута,
Байгамбар чалыш Бакайдан
Барып бата алууга,
Жайдаңдаган шер Чороң
Кабагы ачык, жарык жүз,
Кашкаңдаган эр Чороң
Он эки мүчө, сексен сөөк

www.bizdin.kg



Ойлосоң мынча тең Чороң,
Эркелетип багылган,
Эгизи Бакай жалынган.
Эсеби жок эр Чороң
Коштогону Алгара
Бадыша тону балкылдап,
Барды Бакай төрөгө
Баатыр балаң жаркылдап.
Кагыш, кармаш жоо болсо,
Каран күн дүмөк доо болсо,
Арыслан Бакай абаңыз,
Аңгемесин караңыз.
Ар качандан бир качан
Көкчолок оозун буруучу.
Абаңыздын жумушу –
Туу түбүндө туруучу.
Кыйын мүшкүл табышта,
Кыргыз, кытай чабышта
Жер жайнаган чаң болгон,
Жеткилең атаң абаңда
Туу кармаган ал болгон,
Маңдайлашып турушта,
Кыйын мүшкүл урушта,
Өпкө жарып, баш кесип,
Аламан койгон урушта
Көкчолоктун оозун
Бурган экен Бакай кан.
Көп жаңжалдуу туу кармап,
Турган экен эр Бакай.
Абаң Бакай карыя –
Чын даанышман олуя.
Ак сакалы жаркылдап,
Кармашкын деп кыргызга
Кайрат берип баркылдап.
Көкчологун жылжытып,
Жанына душман катылса
Көмө коюп ыргытып,
Жаңылбайт Бакай калыстан,
Мындай чууда кайран эр
Жеке чыгат жарыштан.
Бакай өңдүү бабаңа
Ичке жолун төтөлөп,
Онжоңдогон кара аты –
Олжого түшкөн тулпарды
Бул Күлчоро жетелеп.
Байгамбардай бабаңа
Барып тартуу кылды эле,
Баатыр Бакай абаңа.
Берен Бакай абабыз,
Ар качандан бир качан
Абаке, көзүң жумулса
Акылды кантип табабыз.
Паана кылган бабабыз,
Байтайлакка кейибе.
Бадыша Бакай эр көкжал,
Биз да сизге балабыз.
Коңурбай колго түшүрүп
Бир чапканда уратып,
Опол-Тоодой кулатып,
Коржоңдогон кокуй күн,
Абама тартуу кылгамын.
Ичке жолун төтөлөп,
Астындагы Алгара
Абаке, кокуй өзүңө
Алып келдим жетелеп.
Капа менен кайгыны
Кабылан аба, коюңуз.
Жарабайт десең мен кулду
Кан абам, так ушу жерде союңуз.
Берен кулдун Алгара
Кабылан Бакай карыя,
Белекке бердим алыңыз.
Берен жетим Чорого
Бет алып, колуң көтөрүп,
Кан абам, батаңды бере салыңыз!
Батаңды берсең алайын,
Атадан калган мен жетим
Кан абам бата берди деп,

www.bizdin.kg



Маана кылып калайын!
Кыргыз, кытай урушу
Кымбаттан бата алдым деп,
Кырып кыргын салайын.
Чын олуя ушу деп,
Береним аба, билейин.
Кайнап жаткан капырды,
Бере канынан калган капырды
Каканга чейин сүрөйүн» –
Деп, ошентип эр Чоро
Буурул оозун бурду эле,
Алгара тартып Бакайга
Бата сурап турду эле.
Тегиз Чоро эр чиркин,
Телегейи тең чиркин
Эки жагын каранат
Эрди-мурдун жаланат,
Жайнап кызыл чок болот,
Качырган жоосу токтолот.
Шерге ылайык заңкайып,
Ач арыландай маңкайып.
Кагышка кирчү кандагай
Кашаты алтын байлалуу,
Карасаат жыластын
Багалеги саймалуу
Теминээрде балкылдап.
Кара кылыч Зулпукор
Бу карасаат баланын
Билегинде жаркылдап.
Шайдандаган шер Чороң,
Ата, жарык мандай, ур жүздүү
Жалмандаган эр Чороң,
Баланы Бакай көргөндө
Чоң манжуунун Алгара
Тартууга Бакай алды эле.
Кыбыланы бет алып,
Ат колуна тийгенде
Оң ийинде Чорого
Батасын берип салды эле:
«Баары журттун жарыгы
Балам, бабаң Манас колдосун!
Басташкан аман болбосун!
Айсарала ат минген
Жети түмөн жоо келсе,
Жеке аралап бир тийген
Жетелеп, коштоп күч болсун,
Ээ, балам, жеңишкен душман түз болсун!
Сыргак, Чубак, арыслан эр
Балам, сыртыңдан көзүн салсынчы,
Өтүп кеткен кыраандар
Саа жолдош болуп калсынчы!
Эй, Күлчоро, кулунум,
Керүүдөн буздуң көчүмдү
Ыраазымын, ай балам,
Ушу келберсиген Калчадан
Алып бердиң өчүмдү.
Эй, балам, Таластан тоздум көчүмдү,
Дардандаган кытайдан
Алып бердиң өчүмдү.
Аксакал Бакай абакең
Сен өңдөнгөн балага
Өмүрүм саа берейин.
Өлбөсөм сага садага
Аман болчу Күлчоро,
Журт бийлеген зарларым*
Айлансын Бакай абакең .
Ай-ааламды буй кылган,
Айланайын балбаным,
Балам, кармашканың түз кылгын
Кайрылып душман кыргызга
Келбей турган иш кылгын.
Балам, эңкейиште эр сайгын,
Элүүдөн катар тең сайгын.
Өткөн Кошой, Манастан
Артыгыраак сен сайгын.
Жекене* белге курчангын,
Жетимден сендей бала жок

www.bizdin.kg



Жети милек жоо келсе,
Жеке аралап кол салгын.
Ок өтпөс белин курчанган,
Он эки милек жоо келсе,
Опуруп кирип кол салган,
Туура тартып зор койгон
Жел тийбес кара белимсиң,
Каарлууну каптачу,
Кулунум, таш агызуучу селимсиң.
Жети ата кунун алуучу
Жалгыз жолборс кулумсуң.
Эй, кулунум Күлчоро,
Айкөл көрдүм, шер көрдүм,
Алты түлүк дүйнөдөн
Алты бөлөк эл көрдүм.
Ошол элдин ичинен
Күлчоро, сени шер көрдүм.
Аз кыргыз журтуң баккансың,
Чамынган аппак арыслансың.
Берен Манастын уулу чунактын
Таалайына жараткан
Өзүң бир табылбаган арыслансың.
Кезиккен ишиң кеңт болсун, балам!
Кармашкан жооң мерт болсун!
Балам, Эзкара жоону эңипсиң,
Калдайдын уулу капырды,
Кан Коңурбай баатырды
Абаңа кармап берипсиң.
Ал капырдын канатын
Өзүң Бакайга тартып келипсиң.
Алтын болсун көмүрүң,
Балам, алыс болсун өмүрүң.
Кагышкан жооң түз болсун,
Кыяматтык мендеге
Балам, унуткус иш болсун,
Балам, телегейиң тең болсун...
Теңиз атаң көйкашка
Манастан кыйын эр болчу,
Аргын, кыргыз аз журтуң
Балам, багып алар сен болчу!
Эй, Күлчоро кулунум,
Улугумсуң, дөөмсүң,
Уйпалатпай душмандан
Алып калчу ээмсиң.
Картайганда Бакайга
Муңканып айтар сөзүмсүң,
Кайтарып алчу мүшкүлдөн
Карарган кара көзүмсүң.
Дүйнөдөн Бакай абаңдын
Караан кылган дөөсүсүң,
Кара чокмор мүшкүлдөн
Күлчоро, кайтарып алчу ээмсиң.
Бек кайышбай жүк артчу
Кашатча кара белимсиң,
Капа ишим колго тийгизген
Кагылайын шеримсиң,
Картайганда абакең
Жалгыз каралды кылар эримсиң,
Улукмандуу сөзүмдү ал,
Картайганда кан Бакай абаң өзүн ал
Эй, кулунум Күлчоро ай,
Кудай үчүн, мен үчүн,
Бере куурап калган мен үчүн,
Жаңжалды жаман салып бер.
Ушу кайнаган кытай, какандан
Канча дүйнө, сан мүлктү
Балам, ажыратып алып бер.
Балам, ажалдуу киши өлбөйбү,
Армандуу балаа казаны
Эр адам чиркин көрбөйбү!»
Деп, ошентип, Бакай кан
Күлчорого муну айтып.
Ушундай мүшкүл шумду айтып.
Абаң мындай деген соң,
Каарын төгүп Күлчоро
Кайта кирди кагышка,
Калың түмөн чабышка,
Кайра тартып караса,

www.bizdin.kg



Арча секи тектирден
Айдап чыгып келатат.
Курт экени билинбейт,
Кайнап чыгып келатат,
Жээк тартып былкылдайт,
Жерди курчап быкылдайт,
Айчыгы алтын туу болот,
Асман жарган чуу болот,
Мына ошондо Күлчоро
Желиккен экен суйсалып,
Ары балбан, ары шер
Жоонун айласын билген кайран эр
Аралап кирип кол салып.
Айза сайып имерип,
Айгайлаган манжуунун
Тобун чечип жиберип.
Күндүр-түндүр белгисиз
Токтобой согуш болду эле.
Астындагы мингени –
Алакендин Актелки.
Агаң Чоро кыраанын
Ажал жетсе өлөм деп,
Кызык кылып куу жанды
Кылча жанды аябай
Ал Күлчоро байкушка
Каралды болуп берем деп.
Тобун бузуп, жол салып,
Бу Канчоро кол салып.
Аргындан айдап кол алып,
Колду айдап мол алып,
Айзакерден ыктуу айдап,
Белсенип жоого чыкчу айдап,
Бет алышып урушчуу
Беренден ашык мыктуу айдап.
Ак асаба туу болуп,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Асман жарган дуу болуп.
Баарысынын мингени
Окшош чымкый сур болуп,
Кармашка катуу тың болуп.
Белгилүүлөр бетинде,
Берендери четинде.
Камбылдары бетинде,
Кайрандары четинде.
Ал Күлчоро беренге
Каптап кирди болушуп.
Быяк жагын карасаң,
Эл аманын кааласаң
Себилдүүсү сексен төрт,
Серпиш жакта кызыл өрт,
Алгыр кара бүркүттөй,
Алып чыгып келатат,
Алкымы кенен камандай
Чалып чыгып келатат.
Аябаган чоң мүшкүл
Салып чыгып келатат,
Кээ бир жерге келгенде
Курчалышып турушуп,
Кудай бетин көрсөтпө,
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Карсылдашып урушуп,
Кан Семетей, көп кыргыз
Аламан уруш кылыптыр,
Айгай кулак тундуруп,
Жаңжалдашып туруптур.
Маңдай-тескей турушуп,
Бакандашып урушуп,
Айкырышып турушуп,
Айзалашып урушуп,
Алтымыш төрө кырк жайсаң
Айкөл көкжал Семетей
Айдап чыгып келатат,
Ондон, бештен бир жерге
Жайлап чыгып келатат.
Адыр-күдүр ак кайкаң
Ашып алган кези экен,
Антаң уруп көп кытай

www.bizdin.kg



Шашып калган кези экен,
Кайра тартып Каканга,
Кан Коңурбай шери жок,
Кайра баштан чуу туруп,
Качып калган кези экен.
Асмандагы жылдыздай
Жошулушуп алышты.
Аман-эсен арысландар
Кошулушуп алышты.
Жоону ортолоп Семетей
Кырк жайсаңдын бетинде
Чубак уулу Канчоро
Кутпа жаккы бетинде
Алмамбеттин Күлчоро
Айдап-кууп кыраанын
Кытайдын кызык артында.
Кызыкты көрсөң мындан көр,
Жапырылып туу толуп,
Асман жарып чуу болуп,
Көргөндө болбойт эч арман.
Көкжалдарың барында
Көпкөрүнөө чоң жаңжал
Атыш кылып, алп өлүп,
Албан түрдүү калк өлүп,
Күрмө кийген эр өлүп,
Күрүлдөгөн жоон өпкө
Күчтүүлөрдөн көп өлүп,
Артык камбыл эр өлүп,
Алыштан эчен көп өлүп.
Аргын, кыргыз аралаш,
Арыслан көкжал Семетей,
Эки чоро аралаш,
Орто жерин кыраандар
Оюп алган кез экен,
Туу ортосун Семетей
Союп алган кез экен.
Канча уруусун Канчоро
Айдап алган кез экен,
Бир чекесин Күлчоро
Оюп алган кез экен.
Кыраан Чоро балакет
Кыжылдаган сан колун
Тушунан чыгып зыргытып,
Туура жакын келгенин
Айзага чама келбесе,
Шыйрактан кармап ыргытып.
Эрендер жайы ушундай
Эр Бакайдан бата алып,
Эрен болгон байкушуң
Эңкейиште эр сайып,
Так элүү, кырктан тең сайып,
Айдап алган кез экен.
Капырай, алек кылып кытайды
Жайлап алган кез экен.
Так эле ителги тийген таандай
Ишмалдасын чыгарып,
Кайнап жаткан каканды
Айдап алган кез экен.
Орто белин Семетей
Оруп чыгып келатат,
Эки четин Чоролор
Соруп чыгып келатат.
Как ортосун канкор шер
Айдап чыгып келатат,
Кол ортосун чоролор
Жайлап чыгып келатат,
Караса көзгө илинбей,
Калың дүмөк, чоң жалжал
Эл чуркурап, чуу толуп,
Эсеби жок чуу болуп.
Өрөпкүгөн калың кол –
Өнүмдөр өлдү ошо жол.
Таш сайынган таза өлүп,
Күрмө кийген күчтүү өлүп,
Эренден нечен жан өлүп?
Өрөпкүп кытай көп келген
Ал өрттөнгөн кеп журтуң
Кашкулак кармап жеп келген.

www.bizdin.kg



Кара курттай сансыз кол,
Өкүм Калча шер бар деп,
Өрөпкүп келген ушу жол,
Өрөпкүп келген кытай журт
Өз дүйнөсүн чачыптыр,
Өрттөнүп кеткен кутургур,
Өзүм эрмин деп келип,
Бээжинди көздөй качыптыр.
Кыргын болуп кытай журт
Өз дүйнөсүн чачыптыр.
Кача турган себеби –
Кан Семетей, Күлчоро
Берен да экен, шер да экен,
Бет алганды койбогон
Бейжай да экен, эр да экен,
Бет алганды буй кылчу
Алыш кылса буларга
Арысландын алы жеткисиз,
Бөлүп жарып кеткенге
Бөлсө бөрүнүн тиши өткүсүз.
Чапчышып чама келгисиз,
Чабышып киши жеңгисиз,
Өз дүйнөсүн кытай журт
Чачып кетип баратат,
Какан көздөй чуу туруп,
Качып кетип баратат.
Жер жайнаган кол келип,
Жер майышып көп келип,
Кумурска толуп, курт келип
Курчаган кытай журт келип.
Кырккан элден куралып,
Кыйын мүшкүл кол алып,
Өкүм кылган Коңурбай –
Каарланган доңузум,
Кагыштан Калча кан өлүп.
Зордукчу кара кытайдын
Чоңдорунун баары өлүп,
Кыйын балбан Дыңшасы.
Кыжылдаган капырдын
Кыргын болуп мынчасы.
Эзкара, Калча шер өлсө,
Өз дүйнөсүн чачты эми.
Өз жанынан түңүлүп,
Кумурсканы көр, куртту көр,
Ошо куртчалык кытай журтту көр,
Урушуп чыгып кайрылып,
Алп-дөөсүнөн айрылып,
Коңурбай менен Эзкара
Эки бирдей шер өлүп,
Эстесең мындай бек өлүп,
Тирүү кытай чуу туруп,
Каканды көздөй жөнөлүп,
Чоң-Үкүрчү, Үч-Капкак
Асты жагы айгай таш
Ашып алган кези экен,
Ал кырк уруу кытай журт
Каканчыга кайрылып,
Калың кытай түркүгү
Коңурбай кандан айрылып,
Кыргын болуп журт өлүп,
Кыяпат жерден чалдырып,
Калың манжуу мыктуусу
Эзкара кандан айрылып.
Күн мезгилин албастан,
Күндө тыным кылбастан,
Качырдагы ок-дары
Чачып койгон кези экен,
Калың кытай чуу туруп,
Качып калган кези экен.
Жоо жачкан соң, олжого
Жобогон адам тойбойбу,
Качса жоону калдайтып,
Капырай, ургаачы кырып сойбойбу!
Бир четинде Семетей
Жайлап чыгып келатат,
Эң ортосун чоролор
Айдап чыгып келатат.
Жер айрылып, түн болду

www.bizdin.kg



Кырк уруу кытай чоң элге
Момундай мүшкүл күн болду.
Өлсөң элде арман жок,
Өрөпкүп кытай качканда
Өлгөнүнөн калганы
Кайра тартар дарман жок.
Бөксө жол менен кытайды
Желбегендей кылды эле,
Кан доолашып кыргызга
Келбегидей кылды эле,
Кун кубалап Таласты
Көрбөгөндөй кылды эле.
Эренсиген алп өлүп,
Албан түрлүү калк өлүп,
Ошо калктын ичинде
Энеси Инди жалабы,
Атасы кытай долусу,
Адам тилин албаган
Айбан чалыш доңузу
Алыштан аман калабы?
Калк кайтарган жайсаңдар
Кулап жатат тырайып,
Эл баштаган жөкөрлөр
Денеси калып, башы жок
Кулап жатат сырайып.
Эчен кыйын балбандар
Өлүп жатат тырайып.
Кыргынга тууган берендер,
Жолукканды жойкогон
Канга тойбос берендер
Шибээ менен солоондун,
Тыргоот менен манжууну,
Калмак менен кытайды
Какан көздөй сүрдүрүп,
Айдап кетип баратат.
Ар эрлерин калтырбай
Жайлап кетип баратат.
Жагалмайдай илгичтер
Жан-жабылтып кытайды
Айдап кетип баратат.
Күлчоро сайып өтүп жүр,
Канчоро башын кесип жүр.
Канчоро сайып өткөндө
Күлчоро башын кесип жүр.
Калайман түшүп, кан өлүп,
Кагышкан жандын баары өлүп,
Кайра тартпай Каканга
Калың кытай чуу туруп,
Качып кетип баратат.
Канча бирин кыраандар
Жанчып кетип баратат.
Жеткен жерге кан-жинин
Чачып кетип баратат.
Кез болгонун үч бөлүп,
Басып кетип баратат.
Кайрат, күчү канкордун
Ашып кетип баратат.
Кайран жандан түңүлүп,
Калтаң уруп, көп кытай
Шашып кетип баратат.
Билген чырын кытайга
Кылып кетип баратат.
Кызыл капчал даң кылып,
Кылып кетип баратат.
Кылча койбой жалгызын
Кыраан канкор Семетей
Кырып кетип баратат.
Чын кыраандар киргенде,
Бээжинди көздөй сүргөндө
Антаңдап кытай көп шашып
Кээ бирөөсү жөө качып.
Акылдан кетип антаңдап,
Шашып жүргөн мындан көп,
«Ай, бурут жетсе жеди» – деп,
Качып кетип баратат.
Адам, куюшканын жоголтуп,
Шашып жүргөн мындан көп.
Эчен күлүк тулпардын

www.bizdin.kg



Ээри түшүп бооруна
Мойноп жүргөн мындан көп.
«Эсил кайран жан боорум
Эми кайда өлдү» – деп,
Бээжинди кайдан көрдү деп,
Боздоп жүргөн мындан көп.
Басмайылы үзүлүп,
Шашып жүргөн мындан көп,
Ат атынан айрылып,
Ай, өлдүк – деп кайгырып,
Аңгек карап, жер карап
Шашып жүргөн мындан көп.
Кара курттай каапырга
Каканга чейин сапарга
Каспаң Кара-Тоосуна,
Сүрүп барып жеткизди
Кара капчал оозуна,
Чай алуучу кентине,
Алтын-Тоонун четине
Жерге чейин сайды эле
Мунарык тарткан Бээжиндин
Мурунча Дыңша жээгине
Жерге чейин сүрдү эле.
Калк ашпаган кара кыр
Белге чейин сайды эле.
Олжонун баары мүрөлүп,
Жоонун баары түгөнүп.
Асылдарын, шерлерин
Айза кармап имерип.
Толкуп жаткан кытайдын
Тобун чечип жиберип,
Кытайды кыргыз сайды деп,
Каканды бурут алды деп,
Эрлиги эпсиз билинип,
Бээжиндеги кытайдын
Болуп кеткен чоң дүмөк
Даңзасына чийилип.
Капыр менен бусурман
Бу кагыштын жайы ушундай.
Азууларын аркайтып
Ат өлүгү боо түшүп.
Муруттарын серейтип,
Эр өлүгү тоо түшүп,
Жаа чыркырап басылып,
Айза кыйрап белинен
Ай талаада чачылып.
Калың кытай Бээжиндин
Качкандыгын билиптир,
Кыраандарың баары да
Кытайга салган чоң дүмөк.
Бээжинге чейин сүрүптүр,
Кан Манастын кунуна
Калың кыргыз, көп аргын
Кан Семетей, Күлчоро
Өлгөн жандан калганы
Өкүмдүктү салды эле,
Өткөрө кунун алды эле.
Белди бекем бууптур,
Берен Манастын кунун кууптур.
Канын карап кылды эле,
Калтырбай журтун кырды эле.
Баатырынын баары өлүп,
Башаасы Калча кан өлүп.
Оңурайган тумшукта
Жээрде жорго ат минип,
Желбегей торко тон кийип.
Эл четинде канынан,
Таш-Көпүрө шаарынан,
Кандын кароол белинен
Өлгөнүнөн калганы
Кыстоо көргөн элинен
Желигип чыгып Ай-Жаңжуң
Жорго оозун буруптур.
Билген жанга бек кызык
Дууга салып турду эле,
Айыкпай турган бир балаа
Чууга салып турду эле,
Укса жанга эң кызык

www.bizdin.kg



Дуугa салып турду эле.
Эл башкарган элчиси,
Арага жүрөр берендин
Эң данакер ченчиси
Атагы бар Ай-Жаңжуң
Арага жүрөр жан экен.
Эл кырылып кеткенде
Эптеп айла кылуучу,
Элчиликке туруучу
Жылма чечен ал экен.
Атасы Манас айкөлгө
Жолугуу жок Ай-Жаңжуң,
Элчилиги бар экен.
Кытай менен кыргыздын
Кебин тапкан Ай-Жаңжуң,
Капыр менен бусурман
Элин тапкан Ай-Жаңжуң,
Элдик менен душмандын
Түрүн билген Ай-Жаңжуң,
Жоолук, кастык эки уруу
Жинин билген Ай-Жаңжуң
Кароол карап ченчиге,
Эр Семетей баатырга
Чыга келди элчиге.
«Ач арыслан, шер болсоң
Ай-ааламды буй кылган
Эр Семетей сен болсоң
Ачууңузду тыйыңыз,
Ачуу шайтан, акыл дос
Акыл тилди алыңыз.
Акылманың Бакайды
Кыямат жүзүн көрбөсө,
Кымбат Бакай өлбөсө,
Акылга дыйкан жарыя –
Кытай, кыргыз элине
Данакер болгун олуя.
Көзү көргөн алыстан,
Көкжал Бакай карыңыз
Жети кылым журтуна
Жеке чыккан жарыштан.
Сүйлөгөнү эки эмес,
Айткан кеби чеки эмес.
Асыл Бакай кыраакы
Ар дегени эки эмес
Ошо Бакай өлгөндүр,
Кайра келбес чын жайды
Кайран киши көргөндүр.
Ошо Бакай өлбөсө,
О дүйнөнү көрбөсө,
Куушка чыгар кан эле.
Кара капчал, кум талаа
Кагышка чыгар кан эле.
Кан Манастын каны эле,
Журт бүлдүрбөс Бакайдын
Калыстыгы бар эле.
Кеби шекер, тили бал,
Келжирей берет кээ бир жан.
Арага Жаң-жуң келди деп,
Айтсам менин өзүмө
Асыл Бакай көкжалды
Көргөзүп кой көзүмө.
Арага келген ченчинин,
Калк данакер элчинин
Каканчы мына, жер мына
Каканчыны жердеген
Калың кытай эл мына.
Эпке келдик баатыр кан
Элчи тилин алыңыз,
Кара көкжал кан элең,
Канкор тууган жан элең.
Түпкү атакең түгөл кан
Түбүнөн Кыдыр даарыган
Канкорлугуң бар эле.
Элчи десең Жаңжунду
Береним, аман коюңуз,
Жоо санасаң Жаңжунду
Жолборс аман коюңуз.
Ушу жонокко кармап союңуз,

www.bizdin.kg



Арачы десең Семетей
Жанды тирүү коюңуз.
Топон суу толкуп кирбеген
Толуп жаткан Бээжиндин
Тозбогон мыкты каны бар,
Тозо чыгып урушчу
Бу тозоку Бээжиндин
Балбандары дагы бар.
Чалкалаган Бээжинди
Чалыяр чапчып өтпөгөн,
Чалышкан аман кетпеген.
Алтымыш күнү чалышып,
Азирет Аалы жетпеген.
Алты туура кан болуп,
Атакең Манас кан аман өтпөгөн.
Мындан ары эшикте,
Балам ай, кан буюрган тешикте
Зыйкыр менен койдурган
Байламалуу жини бар.
Балам, тайбастан баккан үчү бар.
Моюнунда бүчү бар,
Бир тайбастын өзүндө
Токсон жолборс күчү бар.
Адамды тартып соруура
Оозун ачып ышкырып,
Адам, белен турат кара нар.
Андан ары басканда
Адамды кайсап отурган
Кылыч тумшук били бар.
Бээжин оңой жер эмес,
Кымбатым балам, тилимди ал.
Каканчыдан, Дыңшадан
Элчи келип турган соң,
Эң бир чечен тили так,
Сынчы келип турган соң,
Кармашты канча жан...
Туйгун Бакай абаңыз
Туу кармаган ал болгон.
Кайран Бакай шериңе,
Айла тапчу пириңе,
Эл элчисин көрдү эле,
Көргөнүндө Күлчоро
Маңкаңдата бастырып,
Баатыр Күлчоро желди эле.
Айта-буйта дегенче,
Ачып көздү жумганча,
Арыслан Бакай карыны
Алып жетип келди эле.
Ошондо Бакай карыя
Адам менен айбандын
Баркын көргөн олуя,
Ботом, кытай менен кыргыздын
Аркын көргөн олуя,
Ай-Жаңжунду көргөндө
Бакай абаң муну айтат:
Акырын айтып, кеп баштап,
Кан Бакай кан кеп баштап,
«О, ботом, кудам Ай-Жаңжуң
Эрендердин артына
Калган Жаң-жуң эсенби,
Калк башкарып, журт күткөн
Калган Жаң-жуң эсенби?
Бере сураса бербес Бээжинге
Суук укурук салганы,
Султандын баарын кайсадың,
Мына ошонун өчүн алганы.
Мен каарым келди какайдым,
Бүгүн катылбай койбойм бириңе.
Капкайда сөздү которуп,
Кан кудам, казыр тийбе жиниме.
Менин кармашканым Коңурбай
Кайгуулдан кармап алгамын,
Койчу, кан, дөөңдүн баарысын
Кайран Бакай мен султан
Узунунан салгамын,
Кармашып Калча кан өлгөн
Каткалаңдын Сайкалы,
Кара жагал Бороончу,

www.bizdin.kg



Катындан балбан Орондгу,
Кечилдин каны Коңурбай,
Манжуу каны Эзкара,
Карылуу мерген Чаңдыаяк,
Эр Акаяр жөө күлүк –
Бу кыргызга салып чоң бүлүк.
Кармаш кылып кан өлдү,
Камбар уулу Карагул
Кармаш кылып ал өлдү,
Анык жөнүн кылыңыз
Кытай, кыргыз жаңжалын,
Жана калбасын арманы.
Ушунчалык кан өлдү,
Белди бекем бууңуз,
Кандын канын кууңуз,
Каалап сөздү уруңуз,
Жана кайрат кандай көрүңүз,
Кармашсаң чыга келиңиз,
Болбосо каканчылуу Бээжиндин
Кандыгын быйыл бериңиз,
Улук Манас каныма
Ургаачыдан уз берсең
Оймок ооз, бото көз,
Кызыл көйнөк, айча бел
Кылтылдаган эң сулуу –
Сулуудан тандап кыз берсең,
Кыргыз канын тартамын.
Айткан сөзгө көнбөсөң,
Айткандарды бербесең,
Бел байлаган белиңди айт,
Берениң Калча ал өлдү
Бекип жаткан жериңди айт!»
Ошол Бакай муну айтса,
Анда Ай-Жаңжуң муну айтат:
«Баатыр, каарланды кара жер,
Калыңынан түтүптүр.
Кандын баарын торойтуп,
Эренди союп торойтуп,
Кагышты катуу салыптыр.
Бир атаңдын өчү эмес,
Кырк атаң өчүн алыптыр.
Кайнап жаткан какандан
Баатыр, кайсы кегиң калыптыр!?
Кечээ, топон суу тоздоп жүргөндө,
Карып кылып жер жүзүн
Катуу каптап жүргөндө,
Көрсөң болот көп арман
Топон суу жетпей Бээжинден
Тогуз миң түтүн эл калган.
Бээжинди албай тартыңыз,
Канча атаар күнү бүтүптүр,
Канкор Бакай кабылан
Сиз Каканга тийбей кайтыңыз.
Макул, сурак алсаң Бээжинден
Кырк кандын эли кытайдан
Бир каны кайдан бөлүнөт,
Баатыр ай, сурак алсаң Бээжинден
Акыры каның төгүлөт.
Кан кунун доолап айтыңыз,
Баатыр ай, Каканга тийбей
кайтыңыз».
Ай-Жаңжуң мындай дегенде,
Айтып оозду жыйганча.
Ошондо кытай кырк кан журт
Каканга басып келбе – деп,
Кайра тартып урушуп,
Жаңжал кылып жүрбө деп,
Миңдей мыкты билди алып,
Эми жүктөп дилде алып,
Каадалуу берен ушундай
Кара көздөн минди алып,
Кан тартуусу келди эле,
«Кичи казат» чатагы –
Мына тартуусуна берди эле,
Алтын, күмүш зер алып,
Жүктөй албай көп кыргыз
Агача келин, сулуу алып,
Үптөй албай калды эле.

www.bizdin.kg



Билбегенди билгизген
Билимдүү Бакай абаңыз –
Туйбаганды туйгузган
Туйгундугун караңыз.
Тартууң алып тарталык,
Кызык ушул болду деп,
Жерге аман кайталык.
Ушул турган Чоң-Бээжин
Сулайман баспас жер эле,
Көптүгү курттан көп эле.
Сурак алган оңчу эмес,
Искендер* тийбес Бээжиндин
Ичинде турган болчу эмес.
Каруусу толук калк аяр
Кан болгонду кайсаган
Качантан берки салты эле.
Ушу турган Бээжинге
Бет алып менде барбаган
Жаңжалдашып далай жан,
Аңтарылган Каканга
Айза сунуп далай кан.
Абайлабай чалдырган
Не бир кыйын шер келип,
Менменсиген тең келип,
Каканчыга алдырган.
Зулкайыр баспас Бээжинден
Сурагын албай тарталы,
Тартуу тартмак көп алдык,
Кездешериң Коң төрө,
Тазасын кырып жеп алдык.
Уккун, балдар, мунумду
Талкан кылдык кандарын,
Таластан чаптык көчтү эми,
Алып бердиң өчүмдү.
Ооруган жерди басылттың,
Умачтай көздү ачылттың.
Бекип жаткан белимди,
Талкалап бердиң Бээжинди.
Айланайын эки шер,
Кырк уруу кыргыз журт менен,
Коңурбай сайган кут менен
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Жерге аман тарталы,
Жыргалдуу аргын көп кыргыз
Элге аман тарталы».
Деп, ошентип, зор Бакай
Байгамбар сындуу бабасы –
Акылга дыйкан Бакайдын
Бул айтканын карачы.
Акылга көнүп эрендер,
Шай колдогон берендер
Каканды чаап, уз алып,
Олжого тейтей кыз алып,
Кайра тартты кыргыз журт.
Айза кармап, кол жыйнап,
Желбегендей кылыптыр,
Кайра баштан кыргызга
Оң кыбыла кол чечип,
Кайраттанып баш кесип,
Келбегендей кылыптыр.
Берендик жайы ушундай
Бейлеп* белин сындырып,
Кытайдын жанын тындырып,
Кырааным аман болсун деп,
Таласка кыргыз тартышып,
Доолашканы Коңурбай
Жок кылып кайра кайтышып.
Кез болгону Эзкара
Кесип алып кайтышып,
Кайра кыргыз тартканда
Туурдугу май болуп,
Тушуккан жерге кан болуп.
Керегеси май болуп,
Кез болгон жерге кан болуп.
Калчаны канкор алды деп,
Калың элге даң болуп.
Кулан кууп атышып,
Көп кызыкка батышып,

www.bizdin.kg



Жүк көтөргөн нарды алып,
Тартууга алтын, малды алып,
Олжо кылып какандан
Киши көрбөс узду алып,
Эчен сулуу кызды алып.
Жер-жерине кайтышып,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе бир жайга
Эркин конуп жатышып.
Кырк тамандап ордону
Чийип алып атышып.
Санаасы менен болушуп,
Сандыгынын баарысы
Сары алтын мүлккө толушуп.
Көңүлү менен болушуп,
Көмүркөйдүн баарысы
Көп алтынга толушуп.
Кечээ кытайды кыргыз чапканда
Канчоро, Бакай каны бар,
Эр Күлчоро, Семетей
Ошондо кыраандардын баары бар.
Кайра кыргыз тартканда
Көңүлү менен болушуп,
Ашка колу толушуп,
Санаасы менен болушуп,
Олжо кылып алганы
Сарпайы тон болушуп.
Багалак кайрып чаң салып,
Байкуш кыргыз даң салып.
Артык кыйын берендер,
Айзага камбыл айлакер
Аябаган берендер
Жоон көкүрөк, кең далы
Жолумдуу тууган көзөлдөр,
Эң күжүрмөн балбандар
Аламан олжо көп алып,
Мында байып жатып калган бар.
Айлакердүү эрендер
Алты миңден ат алып,
Айла таппас начары
Алты жүздөн ат алып,
Жеткилеңдүү берендер
Жети миңден ат алып,
Жеталбаган эпсизи
Жети жүздөн ат алып.
Эркин чуулап эр кыргыз
Эпсиз канып дүйнөгө
Манастын уулу Семетей,
Баатырдын уулу Күлчоро
Көкжалдар аман барында
Мындай деген оңобу,
Баатырлардан, шерлерден,
Аты угулган эрлерден
Кытайды бузуп кун алган
Кылымда мындай болобу!
Белди бекем бууйлу деп,
Байкуш кыргыз аз журтка
Кадыр түн келип тууду деп,
Баабединин бат айтып,
Семетейге жалынып,
Журт чуркурап, чуу туруп
Эрендери, шерлери
Атышка чыгып барышып.
Бүтүн кундуз терисин
Жара тартып жиберип,
Багалекке салышып.
Байы өлгөндөй барбактап,
Баатырлык ушу болду деп,
Жер жарылып дардактап.
Беттешкени Коңурбай
Алган жери дагы ошо,
Чоң бейпайды Каканга
Салган жери дагы ошо.
Жылгындуу Кең-Кол оюна,
Аман келди ал канкор
Чоң Таластын боюна.
Калың кыргыз ой тартып,

www.bizdin.kg



Конуп калган жер ушул.
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп калган жер ошол.
Коштон кийип суусар бөрк
Ыргап калган жер ошол,
Кошоктошуп кайран журт
Жыргап калган жер ошол.
Атасынын ордуна
Бу кыргызга болуп,
Талас ээлеп конду деп,
Атасы өткөн Манастан
Артыгыраак болду деп,
Ээлеп келди Таласты.
Атадан калган жер эле
Султаны* болду Семетей,
Баатыр Манастан калган элине.
Келеңкөр соору, кең чачпак*
Келини сулуу кыргыздын
Керилип жаткан жери бул.
Кызыл көйнөк, айча бел
Кызы сулуу кайран эл.
Кунан минип, куш салып
Кутуруп жаткан кези бул.
Эр Семетей баатырга
Өлгөн менен арман жок.
Укуруk кайрар калган жок
Кара-Буура, Чаткалда
Жердегени Кең Талас
Эми кайкалап кыргыз жатканда
Таласты күтүп жер кылып,
Манастын уулу Семетей
Мунун маанайын артык шер кылып,
Кең-Колду ээлеп жер кылып,
Алмамбет уулу Чорону
Ааламдан ашкан шер кылып.
Кургурумдун тукуму
Таласты ээлеп конду деп,
Атасы Манас айкөлдөн
Ашыгыраак болду деп,
Жыргап журту калды эле.

www.bizdin.kg



## СЕМЕТЕЙДИН ӨЛҮМҮ

Семетей Коңурбайды өлтүрүп, эл-журтка олжосу менен келип, Таласты ээлеп жатып калган жери. Эчтеме менен иши жок жаткан кезинде, Каныкейдин улуу эжеси Акеркечтен туулган, уруусу казак, Көкчөнүн уулу Үмөтөй деген, Семетей Коңурбайды өлтүрүп, атасынын кунун кууп келди деп угуп: «Мен да Семетейди өлтүрүп, атамдын кунун кууп аламын. Менин атамды Манас Бээжинге зордук менен алып барып өлтүргөн» – деп, Семетейге каршы чыгып турган жери.

Сары-Арканы жердеген,
Салышып адам жеңбеген,
Каарын салып какайып,
Кабылып душман жеңбеген,
Көкчөнун уулу Үмөтөй
Үйрүлмөнүн сазына
Чоң Сары-Арка боюна
Чогулушуп туруптур.
Тапкычташып табышып,
Доого кирип алыптыр.
Айыкпаган чоң мүшкүл
Чууга кирип калыптыр.
Үмөтөй жайы ушундай
Өзөндөн чаңы буркурап,
Өзүң көргөн кайран журт
Өлөңүн айтып чуркурап.
Таруусун таштай таптаган,
Катынын кыздай мактаган,
Уруш кылбай жатпаган
Уламадан кеп угуп,
Уруш кылып Какандан
Семетей келди деп угуп.
Кайра баштан эс алып,
Кан-Жайлоого конгуча
Багалаң козу, ширин баш
Кымыз деген кыйын аш.
Эс алып каны толгунча,
Төбөсүнөн басууга,
Төрөнүн уулу чунакты
Эс алдырбай жанчууга.
Сары-Арканы жайлашып,
Сай тулпардын баарысын
Кермеге аса байлашып,
Үмөтөйдүн тулпары –
Кара байыр казанат.
Жылкылары кулача,
Маңдайында тумарча,
Анын баарысы тулпар көйкашка.
Кең Сары-Арка боюна,
Боз алалуу туу кылып,
Бойбойлогон чуу кылып,
Казактан алып кол жыйнап
Калган экен Үмөтөй.
Айыкпай турган чоң жаңжал
Салган экен Үмөтөй.
Ак сакалдуу карысын,
Жыйган экен баарысын,
Атасы Көкчө кайран кан
Каза болуп өлгөнсүп,
Жыйып казак баарысын
Кордук тартып көмгөнсүп.
Көптү көргөн карысын,
Алган экен Үмөтөй
Билгичтердин баарысын.
Менин атам эр Көкчө
Канкор Манас эр болуп,

www.bizdin.kg



Билген чырын кылыптыр.
Айдап барып Бээжинге
Эрендин баарын кырыптыр.
Баары айласын табалбай,
Балдар жетим калыптыр,
Кайгыргандан жан өлбөй,
Катын жесир болуптур.
Ай-ааламдын баарысын
Айдап жүрүп соруптур.
Кыргынды кызык баштаптыр,
Каяшаяк бергенин,
Каканга барбайм дегенин
Каарланып канкор, шер
Кырып ийе таштаптыр.
Бу кызыталак канкордун,
Кылымды бузган анткордун
Жолун байкай баштаптыр.
Жологондун баарысы
Жандан кечип таштаптыр.
Байгамбар барбас Бээжинге
Барып уруш салыптыр,
Эрендер өлүп, эр өлүп,
Ажалы жеткен тең өлүп,
Атойнок менен көкбөрү
А канкордун жөкөрү.
Чородон мынча жан өлүп,
Чоңдук кылып ал Манас,
Каканга барбайм дегенге
Кордук кылып ал Манас.
Каарлана кеткенде
Канча жанды союптур,
Куйкаланган кутургур
Жер ээлесе ал ээлеп,
Жер үстүндө жанды ээлеп,
Кеңешке барса жети кан
Кеп кылбай айдап алыптыр,
Кежигесин кекейтип,
Саруулатып бүгүлтүп,
Алп-дөөлөрдүн баарысын
Айдап кирип Бээжинге,
Кабардан эчен жан өлүп,
Кармашып нечен кан өлүп,
Музбурчак, Көкчө кан өлүп,
Кармашкан жандын баары өлүп.
Менин атам Көкчөнү
Билген чырын баштаптыр.
Айдап жүрүп ал Манас.
Бээжинге кырып таштаптыр.
Жан барбаган зор жерде,
Билген сырын кылыптыр.
Эрендин баарын талкалап,
Эбин таап капкор кырыптыр.
Алып келген олжоңун
Тең жарымын бергин дейм,
Теңдик сөзгө көнгүн дейм,
Атамын кунун бербесе.
Айткан сөзгө көнбөсө,
Андай-мындай дей берсе,
Кубалап калкын чабамын,
Эсебин эптеп табамын.
Эл-журтуна киремин,
Эркке көнбөй ал койсо,
Калкым арбын, күчүм көп
Как куйкасын тилемин.
Тобуна тозок саламын.
Күрпөңдөшүп урушуп,
Кежир салып тынышып,
Карын бөлө Семетей
Керженңдешип урушуп,
Жүйөө сөзгө саламын,
Казатка минген Тайбуурул
Чаң тийбеске аламын.
Атама кун албасам,
Арткан чатак, чоң жаңжал
Ал канкорго салбасам,
Тирүү болбой өлөмүн,
Тиктешерим Семетей
Тим эле кунун бергин деп,

www.bizdin.kg



Бир тикирендеп көрөмүн,
Кунга берсе аргынын
Айлы менен аламын.
Иткелдүү сорпо, майлуу эт
Кайран казак калкыма
Денекул кылып саламын.
Атам Көкчө кыйын кул
Ал канкордон аламын,
Кечүүдөн тием көчтөрүн
Аман болсо канкордун
Жетип алам өчтөрүн.
Кунумду албай Үмөтөй
Куруп кантип турамын.
Айтканыма көнбөсө,
Атамын кунун бербесе,
Айкайлашып салышып,
Өчүмдү албай Үмөтөй
Өлбөй кантип турайын,
Кыяматтын кыстоосун
Көрбөй кантип турайын.
Арбын дүйнө, түмөн эл,
Амызга зарып кылбасам
Амыз үчүн салышып,
Мал-жанымдын баарысын
Амызга зарып кылбасам
Атадан туулбай өлөйүн,
Көкжал Көкчө берендин
Үмөтөй уулу дегизбей,
Туулбай туна чөгөйүн,
Төрт түлүктүү калың мал
Амызга такыр чачпасам,
Айткан сөзгө көнгүн деп,
Ата кунун бергин деп,
Кезигишип кайтпасам,
Түмөндөтүп кол айдап,
Түйшүктү калың салбасам,
Жаадалдашып канкорго
Чыр салышып барбасам.
Тирүү жүрбөй өлгөнүм,
Кайра тартпай Үмөтөй
Кыямат жүзүн көргөнүм.
Ата байкуш кууганда,
Толготуп эне тууганда,
Толукшунуп эрсинген
Толгон адам өлбөйбү.
Баатырсынып эрсинген
Башка түшкөн балааны
Байкуш жигит көрбөйбү.
Жердегени канкордун
Ала-була тоо болгон,
Айткан сөзгө көнбөсө,
Атамын кунун бербесе,
Жадаал салып тырышам.
Какалашып урушуп,
Жаман бүлүк салбасам
Көкчөдөн туулбай өлөйүн.
Ата кунун алалбай,
Элге чырды салалбай
Тамтайып тирүү жүргөнчө
Түптүү жерге кирели,
Кызыталак канкордун
Канча экен күчүн билели».
Деп, ошентип, Үмөтөй
Бил көкүрөк, таш кайрат
Билип тандап эр алды,
Азуусун айга жаныган
Аянбай турган шерди алды.
Көкчө кандын көп дүйнө
Көрсөң журтум мына деп,
Үлөштүрүп бериптир.
Үмөтөй азап экен деп,
Берген журттун баарысы
Жүрөгү түшүп өлүптүр.
Бээжин барбас канкорду
Бейпайга кантип салдык деп,
Коңурбай козгол кылбаган,
Алышкан аман турбаган,
Кез болгон кандар кыйраган.

www.bizdin.kg



Манастын уулу канкорго
Кармашты кантип салабыз,
Атамын кунун бергин деп,
Кай бет менен айтабыз?
Кажаңдаса окустан,
Капырай, кармаша кетсе кокустан,
Кантип тирүү тартабыз?
Баатыр ай, Көкчөнүн кунун бергин деп,
Одурайган орой сөз
Кай бет менен айтабыз,
Кытайча кирип, кун доолап,
Не бет менен айтабыз?
Үрпөңдөшсөк канкорго
Кантип эсен кайтабыз?
Төрт түлүктү* күткөн мал
Бөлбөй өлөр бекенбиз,
Будурунда бугу бар
Бу Сары-Арка кайран жер
Көрбөй өлөр бекенбиз?
Өткүр болот, ач албарс
Курчунан өлөр бекенбиз,
Уңгусу болот айзанын
Учунан өлөр бекенбиз?
Боор чыгып сырайып,
Кыргын болуп тырайып
Кызык өлөр бекенбиз?
Калың журт казат кылганда
Жаңжалды жаман көрүппү,
Жалаң алптын баарысын
Кырып сал мунун баарын деп,
Манас кан тушап берип пи?
Кабарчы өлгөн, кан өлгөн
Капырай, кармашкан жандын баары өлгөн.
Манаска милдет кылгыдай,
Кунун бер деп кулжуңдап,
Доо чыгарып тургудай
Талас оңой жер бекен?
Серпишкени кыйрады,
Семетей оңой эр бекен?
Кечээ, жашы он экиге келгенде
Жетим жүрүп жетилип,
Жергеге өзү кошулуп,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, олжо алган,
Ойрондордун баарысын,
Оюп салды деп уктук.
Көбөштү көргө киргизип,
Ак болотун майлаган.
Ачуусуна тийгенде,
Агасы Абыкени жайлаган.
Өзөндүү жерге өрт коюп,
Туландууну тутантып,
Ойдологон кыргызда
Опсуз анча жок деген.
Ороюна тийгенде
Өз атасы Жакыпты сойгон шок деген.
Жан жаралган мендеде
Жан кыяр андай жок деген.
Жабылганды жалмаган,
Кабылганды кайсаган.
Каарына тийсең өлөрсүң,
Калкыңды кантип көрөрсүң.
Жинине тийсең өлөрсүң,
Элиңди кантип көрөрсүң».
Деп, ошентип, журт чуулап,
Кергөнүн айтып турду эле.
Мына ошондо Үмөтөй
Каарланып какайып,
Кыйла чырды баштады,
Каарланса казак журт
Качып бере таштады.
Шыбырашып сүйлөшүп,
Тим ичинен күйүнүп,
Катуу мүшкүл башташып,
Жабылышып баарысы

www.bizdin.kg



Жандан кечип таштатышып.
Кечээ, кабарында бар бекен,
Уламадан укканбыз.
Күлчоро менен Семетей
Кытайды кызык кырды дейт,
Көк ала сакал эр манжуу
Көк бөрүдөй көтөрүп,
Көкжал жерге урду дейт.
Чын баатырдын өзү деп,
Калайык кеп кылды дейт.
Айбаты күчтүү канкорго
Кырмалуу болот сырнайза
Кырылышса кетчүдөй.
Кызыксаң кантип боoладык,
Кытай кырган Көкчөнү
Кыргыздан кантип дooладык?!
Айбаттанып бакырса,
Далай жанды жебейби,
Айдаркандын Көкчөнү
Эсенкандын элине,
Энеси талак Бээжинге
Кармап бердим дебейби,
Журт чуркурап чуу болуп,
Эл тапканы бул болуп,
Көкчө уулу Үмөтөй
Эрдиги бар, эси жок
Эңгил болгон экен деп,
Ара күрмө иш кылып,
Деңгир болгон экен деп,
Өнбөс жерден доо доолап,
Өлүп калар бекенбиз?
Болбос жерден чыр издеп,
Болбой калар бекенбиз?
Жазайылды жапаны
Тартып өлөр бекенбиз,
Айла таппай антандап,
Качып өлөр бекенбиз?
Кең Таластан бери ашып,
Баспай өлөр бекенбиз?»

Журт ошентип турганда
Үмөтөйдүн энеси –
Кайран катын Акеркеч,
Буудайбек менен Акеркеч –
Көкчөнүн эки зайыбы.
Каарланып сабылып,
Капырай Үмөтөйгө жалынып.
Айтсак Алдага сөзү зар эле,
Эр Көкчөнүн колунда
Эки зайыбы бар элек.
Зайыптын эң сулуусу
Мен энекең Акеркеч
Он эки кыздын улуусу,
Энекең шордуу мен элем.
Атаң Көкчө төрөдөн
Атайылап кулунум,
Колдо белек сен элең.
Семетей жалгыз, сен жалгыз
Карын бөлө бала элең,
Семетейди төрөп турганда
Мен кескемин киндигин.
Оңолбогон канкордун
Орус тоюн жеп кеткен,
Аман жүрсө чунакты
Ойротту бузат деп кеткен.
Кытай тоюн жеп кеткен,
Кылымды бузат деп кеткен,
Семетей төрөп турганда
Асмандан кара жамгыр жаап,
Жер бузулуп оюлган.
Жети мискил, календер
Бата берип тоюнган.
Кичи синдим Каныкей
Семетей төрөп турганда
Ырымга кестим киндигин.
Оң колуна кара кан
Кармай түшкөн балакет,
Сол колуна сары алтын
Кармай түшкөн Семетей.

www.bizdin.kg



Кармашуучу доо болсо
Сары алтындай саргайтып
Канын төгөт дегени.
Оң колуна кара кан кармай түшкөнү
Кара кандай кармашып,
Канын төгөм дегени
Семетейди тууганда
Орус тоюн жеп кеткен
Аман болсо бу көкжал
Ойротту бузат деп кеткен,
Кытай тоюн жеп кеткен,
Аман жүрүп чоңойсо,
Кылымды бузат деп кеткен.
Өлүп кетер жеринен
Чаң чыгарат деп койгон,
Алыш кылган жайынан
Кан чыгарар деп жүргөн.
Чыдап эч ким келбеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Кан шимирип катыккан,
Кабылан көкжал атыккан,
Сары саамай көк койдон
Самсаалаган ирик тууган,
Семетейди тууганда
Таманы менен тик тууган.
Белгиси мындай иш болгон,
Берен шердин тукуму
Бет алган менде түз болгон,
Таласы таамай жер болгон,
Кармашкан душман кем болгон.
Эренди колго бактырган,
Ачуусуна тийгенде
Кече чубактын кунун кубалап,
Эчен жерди чаптырган.
Жайлаганы канкордун
Жылгындуу, Кең-Кол жер болгон,
Күткөнү жыргалдуу кыргыз
эл болгон.
Балтыр бешик чагында
Кара кан келип багылган,
Кармашкан дөө-алптардын
Көрүнөө жини кагылган.
Ат семиртип ык кылган,
Аскер жыйнап кырк кылган.
Катуу балбан жан болгон,
Кабарлары Каканчыга даң болгон.
Атасы Манас көкжалдан
Артыгыраак туулган,
Ачуусуна тийгенде
Кече, ааламга салган чуулган.
Буурул чуркап баспаган,
Жерде бүтүн калбаган.
Сыр айза учу тийбеген
Элде бүтүн калбаган,
Өчөшүнө тийгенде
Өз атасын жайлаган.
Канкор менен байкасаң,
Кармашпай жоосу калбаган.
Белин бекем буунган,
Жолдош жыйып, кол албай,
Жалгыз кирип Бээжинге салган
чуулган.
Кулак угуп, көз көргөн
Жерден жайын сурасак,
Бу өзү жалгызыраак туулган.
Бу канкордун жайы ушундай
Муну менен кармашкан аман
келеби,
Кагышып душман жеңеби?
Ата, кагылайын кулунум,
Кун доолоп барсаң өлөрсүң,
Сен Сары-Арка качан көрөрсүң.
Семетей оңой шер эмес,
Каптап чаап коючу
Кыргызың оңой эл эмес.
Эрдиги эпсиз келген журт,
Ал эмес, Каканга кайрат берген
журт,

www.bizdin.kg



Кыргыз жайы ушундай.
Бөрк* ал десе, баш кескен,
Кан төк десе, жин төккөн.
Суу ич десе, уу ичкен,
Сурап ичип тойбогон,
Сураганын койбогон,
Караңгыда айдаса,
Кабылан өңдүү жойлогон,
Ач бөрүдөй алгыр журт.
Жамандашса өлөсүң,
Жадаалын салса ал кыргыз
Жалпы журт, бирди көрөсүң.
Кулжуңдасаң өлөсүң,
Элиңди качан көрөсүң!
Алтымыш кызыл нар айдап,
Алың жетер мал айдап,
Уялашым бөлөм деп;
Мен бөлөмдү быйыл көрөм деп,
Калыстан тандап эл алып,
Жакшылассаң Семетей
Улукман эле, шер эле,
Улук кылып өзүңдү
Күтүп алчу неме эле.
Короонду чаңга жашырып,
Кандыгын журттан ашырып,
Көлүгүңдү жоорутпай,
Көңүлдүн белин оорутпай
Каршылашсаң Семетей
Карулуу чаңдак бел эле,
Сенин күрдөңдү тапчы шер эле,
Сени күтүп алчу эр эле.
Кун доолабай бөлөм деп,
Курчалып барсаң Семетей
Күтүп алар шер ошол.
Күлкүсү күндү чыгарып,
Күрдөңдү табар эр ошол,
Кун доолабай достошсоң
Сенин күлкүңдү аччу шер ошол.
Серүүнү булут эндейдин
Ал Семетей чунакка
Сексени барган сендейдин.
Кара чаар кабылан
Балам, капталында чамынган,
Алты атасы артык кан
Кайыптан акыл табылган.
Тартып алып Таласты
Алты атасы жер кылган.
Аз гана кыргыз кайран журт
Муну эми менен эл кылган.
Атасынан баласы
Бул эрдигин карасаң»
Деп, ошентип, Акеркеч
Энеси кептен урду эми:
«Үмөтөй балам, тил алгын,
Ордодон тандап бил алгын,
Билге жүктөп дилде алгын.
Ободон жылдыз болжошкун
Айныбай өлчү бөлөм деп,
Бөлө ичинде кулунум,
Сен Семетей менен достошкун.
Ак буудай унун чайнашып,
Келеме шарып кармашып,
Күрдөлүм табар белим деп,
Күлкүсү күндү чыгараар,
Сен барганда кубанаар.
Күтүп алар шерим деп,
Жакшылап айтсаң сөзүңдү,
Манастын уулу Семетей
Карын бөлө бул эле,
Мураа кылар өзүңдү.
Кыюулап угар сөзүңдү,
Кыяматтык достошуп
Күтүп алар өзүңдү.
Семетей менен Үмөтөй –
Бир ак буудай тукуму.
Жакындап айыл консок деп,
Көкжалдын ошондо жүрөр тилеги,
Семетей жайы ушундай –

www.bizdin.kg



Жылкы айдасаң чаңдашың,
Өзүң менен кандашың.
Айыл консоң Семетей,
Маңдайкы тунук булактан
Чоролор атын сугарар.
Кан Үмөтөй дедиртип,
Калыкка атың чыгарар.
Күркүрөбөй дос болуп,
Күтүп алсаң сен ошол
Сенин күрдөөңдү жазар эр ошол.
Үмөтөй менен Семетей
Аты уйкаш экөөң баш кошсоң,
Айлыңа бузук болчу эмес,
Сени менен айкашкан душман
оңчу эмес.
Бет алып менде келчү эмес,
Сен экөөңдү бет алып душман
жеңчү эмес.
Бирликтешсең бир жерге
Баш кошуп менде келеби?
Бармактуу адам батабы,
Тырмактуу менде тиеби,
Суук боор душман киреби?
Шер Ала-Тоо, чоң Талас
Жергесин тоссо Семетей,
Жеткилеңдүү Сары-Арка
Белинде жатсаң Үмөтөй,
Кармашып менде келеби,
Кагышып душман жеңеби?
Даражаң тоодой жетпейби,
Талашчу душман суук боор
Аты уйкаш экөө экен деп,
Алыстан үркүп кетпейби!
Айтканым ушул билип ал,
Айттырбай уулум, тилимди ал.
Манастын уулу Семетей,
Айбаты күчтүү, заары күч
Аркыраган шер ошол.
Кыйлаңды бузуп күркүрөп,
Кыйланды тартчу шер ошол,
Жакшылашып айыл кон,
Жан бирге болчу эр ошол.
Козголуп барып дос болсоң
Манастын уулу баатырга,
Корооңуз болор короолош,
Ашыңыз болоор жороолош.
Адырда жылкың жыйгандаш,
Өлүм орток, жан бирге,
Өлсөңүз болор ыймандаш,
Өз эркиң менен болтурар,
Кулунум, өзөнгө малың толтурар.
Кең Сары-Арка өзөнгө
Салынуу коргон там кылар,
Санаалашып дос болсоң
Сени сандыргалуу кан кылар.
Салмакташсаң Семетей,
Садагаң ошо жерге жай кылар.
Өлбөй адам калабы,
Манастын уулу баатырга
Өчөшүп адам барабы?
Сырдашкан адам оңобу,
Кызырлуу шерге катылсаң
Сен эмес, кылымдын жолу болобу?
Көктөн көк айман жылдыз козголуп,
О дүйнөлүк дос болуп,
Айлаңарды табуучу
Акылман Бакай кары бар,
Ат арытып, журт көргөн
Арысландардын баары бар.
Атаң Көкчө, эр Манас
Алышкан бажа бир тууган.
Азелден тууган көйкашка
Ошону көргөн кары бар,
Жол көргүч кары кыраандан
Жосунун сура абыдан.
Ишенбегин Үмөтөй,
Курулай көзүн кыскандан,
Тилине кирип мас болбо,

www.bizdin.kg



Кулунум, тилеги каткан душмандан.
Сөзү татык, кеби бар,
Билсеңиз мынча душман бар,
Экөөңөрдү кас кылчу
Капырдан мынча элчи бар.
Эл ортосун кеп бузат,
Кулунум, эптеп бузар эби бар.
Айыл консоң Семетей
Асыл бөлөм келди деп,
Өзүңдү кыраан, барчын куш кылар.
Жакындашсаң Семетей
Сени Кадыр түнгө туш кылар.
Адам ашып чыгалгыс
Ашуулуу аскар бел кылар,
Ааламга даңкың жетүүчү
Аябаган шер кылар,
Өкчөлүү* өтүк, жаргак шым
Сен барганда кийгизер,
Өксөсүнө тийбесең
Кулунум, өткөрө журтун билгизер.
Жамандашпай эл болсоң,
Жакындап тууган болушкун,
Жайлоосу бирге көк өзөн
Аман болсо, үй тигишип конушкун.
Манастын уулу ал канкор
Бурулуп угар сөзүңдү,
Жакындашып кеп салсаң
Мураа кылар өзүңдү,
Тууралап угар сөзүңдү,
Тумар кылар өзүңдү.
Биргелеш бөлөм келди деп,
Башыңды желек-туу кылар,
Даңкыңды элге чыгарар.
Аалам журтка чуу кылар.
Күрдөңдү жазар шер ошол,
Күлкүңдү ачар эр ошол.
Күнүгө сени кан кылып,
Күтүп алчу неме ошол,
Күптүңдү аччу шер ошол.
Агасынан бабасын
Уругу артык жерин табарсың.
Мураа болчу көкжалга
Муңканба уулум барасың,
Мурунтан алсаң тилимди
Уулум, кадыр түндү табасың.
Тил албасаң кулунум,
Керээзиң элге айтарсың,
Душман болуп катылсаң,
Жыйганыңды чачаарсың.
Кара таппай кайсалап,
Кулунум, Сары-Арка көздөй
качарсың.
Айтканым ушул билип ал,
Ак жолтой уулум, тилимди ал.
Эбин таап сүйлөчү,
Энекеңдин сөзү бар,
Эне ордуна кармаган
Таежең Каныкейдин көзү бар.
Ааламга мыктуу баркы бар,
Таежең долу каркыбар,
Мендеге кадыр түн ошол,
Бек олуя бир ошол.
Ич этине суп көйнөк
Ар дайым басып кийүүчү.
Ажал менен кууралды,
Азап менен жыргалды,
Алты айдан мурун билүүчү.
Касиеттүү жан эле,
Оң ийиндин үстүндө
Үну угулуп, көзү жок,
Кайран таежеңдин жанында
Жыңалач бала бар эле.
Өлбөсөң дайның билүүчү
Күтүп алчу жан эле,
Он эки кыздын кенжеси
Эң кенжебиз ал эле.
Эр Манаска тушугуп,
Жыргал болгон жан эле,

www.bizdin.kg



А Каныкей өлбөсө,
Кыямат жүзүн көрбөсө,
Сенин күрдөөнду тапчу ал эле.
Таежеңиз Каныкей,
Каныкей жайын айтайын:
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын башаасы,
Узун чачтын ыктуусу,
Зайып заттын мыктуусу.
Белгилүүнүн белидир,
Ургаачынын шеридир.
Кааласаң Кадыр түн эле
А Каныкей өлбөсө,
Кыямат жүзүн көрбөсө;
Кулунум, кааданды тапчу күң эле,
Кашаттан күйүп тозуучу
Канзаада кер бир эле.
Кеби шекер, тили бал,
Таежең жайын сурасаң,
Кейитпей эми билип ал.
Таласка жакын калганда
Кулагер атың тосуп бар,
Жеткилең тажездең Манаска
Жеткилең куран окуп бар.
Куйругу кучак белге бар,
Канаты карыш элге бар,
Күлкүндү жазып күлүүчү
Кулунум, күтүп алчу шерге бар.
Айыл консоң, Семетей
Айзасын берер колуңа,
Ар тилекке жеткирип,
Артыкча калар сообуңа,
Кыйнабастан ал канкор
Кылычын берер колуңа.
Жакындап консоң Семетей
Кыйланын калар сообуна,
Элдеше кетсең эр балам,
Ускалуудан уз берер.
Ушу сенин өзүңө
Кырмызы көйнөк, айча бел
Кылактаган сулуудан
Кыргыздан тандап кыз берер».
Деп, ошентип, Акеркеч
Үмөтөйгө муну айтып,
Киштелүү тонун кийгизип,
Кулагер атты мингизип;
Ок өтпөгөн тон берип,
Ойлосоң мынча кол берип,
Алты күлүк ат берип,
Каадалуу Каныкейине
Алакандай кат берип,
Катка кызык кеп жазып,
Каадалуу синдим Каныкей
Бир тууган элек деп жазып.
Үмөтөй жайын сурасаң –
Аркы атасы Айдаркан.
Боз келтесин октогон,
Бу да болжошкон жоого токтогон.
Буга чымчышып душман барбаган,
Чын тийген куру калбаган.
Эңкейтип адам албаган,
Эр Айдаркан казактан
Айдаркан уулу эр Көкчө
Түбү канга жанашкан,
Мунун керегеси агачтан,
Буга кандай менде жанашкан.
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Көкчөмдүн уулу Үмөтөй
Тоюна токсон сойдуруп,
Аты уйкаш эрчи койдурган.
Бу күүлөнгөн экен Үмөтөй,
Тиги Манастын уулу Семетей,
Айлам жетсе урушуп,
Айлына бузук салам деп,
Атамды айдап жок кылган,
Атасы Манас айкөл шер
Атам Көкчө караанды.
Айдап жүрүп жоготту,

www.bizdin.kg



Кыл немесин таштабай
Кыргын кылып курутту.
Айлам жетсе баатырдан
Атамдын кунун алайын,
Айлам жетпей баратса
Буйрук ушул болду деп,
Ошо жерге калайын».
Деп, ошентип, Үмөтөй
Күр-күр этип күүлөнүп
Күн бузулуп кеткендей
Жаманынан сүйлөнүп.
Жадаалды жаман баштаптыр.
Жаны түгүл малынан
Такыр кечип таштаптыр.
Кол жыйылып, эл толуп,
Эл чаташы мол болуп,
Эл эсебин алганда
Эки миңче кол болуп.
Керней, сурнай тарттырып,
Арга ок-дары арттырып,
Жер айрылып, чуу туруп,
Ал Көкчөнүн арбакка
Ай туяктан чабышты,
Кысыр эмди, сүт бото
Азыкка куюп алышып,
Аскер жыйып кол курап,
Алышары Семетей.
Эне тилин алган жок.
Жоон көкүрөк күрсүлдөп,
Үмөтөйдөй балбан жок,
Мына ошондо эрениң
Баарысынын мингени
Өңкөй кула сур болуп,
Убада, сөзгө чын кылып,
Азар түмөн* кол болуп,
Аз гана эмес, мол болуп,
Азыкка таруу алышып.
А тарууну кайран журт
Кисесине* салышып.

Өзөндөн чаңы буркурап.
Солай сөзүң баатыр деп,
Үмөтөй деген жеринен,
Катыла кеткен элинен,
Кайра тартып качкандын,
Анталаңдап шашкандын
Жети атасы капыр деп,
Эл чуркурап, чуу толуп,
Айза башы тийишип,
Адамдын баары күүлөнүп,
Жан жанынан түңүлүп.
Аттанып чыкты Аркадан
Азар түмөн кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп.
Сары-Аркадан аттанып,
Манастын уулу Семетей
Муну менен Үмөтай
Салышууга таптанып.
Көкжал казак баарысы,
Жашы менен карысы,
Айзага камбыл ыктуусу,
Баарысынын берени
Эр Үмөтөй мыктуусу
Казактын баары күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп.
Ач айкырык чуу салып,
Ай касаба туу алып,
Ал канкорго жетели.
Кулжуңдашып салышып,
Үмөтөйдүн алдына
Курман боло кетелик.
Айткан сөзгө көн дейлик,
Атакең Манас өлтүргөн
Көкчө кан кунун бер дейли!
Айткан сөзгө көнбөсө,
Көкчө кан кунун бербесе,
Көп жаңжалды салалы,
Көрүнгөнүн алалы.
Канын, бегин камайлы.

www.bizdin.kg



Кыйыкка тийсе кыргызды
Кытайдан бетер талайлы,
Өкүмсүгөн шерлерин
Өлтүрөлү калтырбай,
Журт бийлеген эрлерин.
Улуктарын, бектерин
Угалык не кептерин
Баатырларын, дөөлөрүн
Бүткүл журтка ээлерин
Мурун көрүп бул жолун
Кыйыкка тийсе кыргызды
Кыйраталы чоңдорун.
Кычык сөздөн салбасак,
Көкчө кан кунун албасак,
Сөз ушундай баатыр деп,
Аянып калган адамдын
Алты атасы капыр деп,
Кыйынсынган карың деп,
Каарың салып күркүрөп
Катуу келгин баарың деп.
Кан алдына киргенде,
Каарын сала бергенде
Акылыңдан алжырап,
Тантып кетпей калжырап,
Такыр чогуу киргин деп.
А дегенин билиңер,
Тилге келсе кыргыздан
Кан Көкчө кунун алыңар,
Тилге кыргыз көнбөсө,
Көкчө кунун бербесе,
Катуу жаңжал салыңар.
Кылча жылбай жалгызың
Кыргын болуп калыңар.
Баатырыңар, шериңер
Калк каалаган эриңер,
Кагышты катуу салыңар.
Дарт-кумардан бир чыгып,
Талкандашып калыңар,
Сөзгө бурут көнөр деп,
Кызыталак ал бурут
Көкчө кунун берер деп.
Көкчө кунун бербесе,
Бүгүн көп жаңжалды көрөр деп,
Көмкөрүлүп аттанып,
Көрүнөө жүрдү казак журт,
Эки миңдей кол болуп,
Каарланып күттү эле,
Кыймылдабай Сары-Арка
Жөн эле жерлигинен түттү эле,
Барабан үнү бапылдап,
Сурунай үнү такылдап,
Касаба туу калкылдап,
Аркескен курч болот
Билегинде жаркылдап.
Чаң асманга буркурап,
Калың казак келген кол,
Зилза-залап чуркурап.
Сары-Арканын боюнан,
Көрүнөө кырдын бетинен
Чоң-Күдүрдүн четинен,
Кол аттанып чыңданып,
Жай-жарагын тыңданып,
Азык несин байланып,
Өзөнгө сала жол жүрүп,
Берендер Сыр-Арканы айланып.
Тегиз кула ат минип,
Ал кула аттын куйругун
Тегиз байлап чарт түйүп.
Көмүскө жүрүп бакырып,
Көрүнөө жоого киргенсип,
Алда кайран калың журт
Көкчөлөп ураан чакырып.
Жезнай үнү дыркырап,
Жээлигип казак чуркурап.
Арыслаңдай таптанып,
Манас кандын жылдызы
Семетей көздөй аттанып.
Ат аябай жол жүрүп,

www.bizdin.kg



Арадан нечен мол жүрүп,
Аттанып чыгып Аркадан,
Козу-Башы, Копону
Койбой аны ашты эле,
Ала-Тоого таянып.
Аңырайган Ала-Тоо,
Ала-Тоону басты эле.
Чабдардын-Белин таянып,
Ашуу-Куяң, Серек-Таш
Серек-Ташты басты эле.
Ар жагына эңкейип,
Кең-Өзөндү басты эле.
Кең-Өзөндүн аягы,
Кең Таластын бөксөсү,
Камап барып жатты эле.
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө Манастын сайган багында
Үч-Кошойдун оюнда,
Каныкейдин Көтөрмө,
Көтөрмөнүн боюнда
Кароолдогу канча жан
Элдик – жоолук экенин
Тааный албай болду таң.
Кечээ таң кашкайып сүрдү эле,
Жерге шоокум тийгенде,
Таң жарылып дүмпөйүп,
Таңдын арты килтейип,
Төбөдөн жылдыз бириндеп,
Таңдын муздак жели зирилдеп,
Асмандан жылдыз быркырап,
Таң атардын муздак жели
зыркырап,
Ошондо камыштын башы
чыркырап.
Жан-жаныбар ойгонуп,
Балапан торгой чуркурап,
Таң кашкайып сөгүлүп,
Жерге жарык билинип.
Семетейдин сакчысы,
Элди сактап бакчысы,
Кароолдогу балбаны,
Бөтөн жерден жоо көрсө,
Шамдагайы болжолсуз
Кабар айта салганы.
Барып алып сакчысы
Айчүрөктүн ак сарай,
Ар борумдуу чак сарай –
Каалгасы сом калай.
Катын да болсо бейбактын
Сөлөкөтү бир далай,
Дарбазада балбаны,
Балбанына өрттөнгүр
Кабар айта салганы.
Таласка келди тоодой жан
Тааный албай болдум таң,
Мунун берендиги белгилүү,
Бу Таласка келген кандай жан?
Балбандары башкача,
Мында эр кайраты бир канча.
Келиштирип тон кийген,
Келишкен тулпар ат минген,
Жай-жарагын жайланган,
Жоого ылайык камданган.
Кырылыша кетчүдөй,
Кыны жок жабдык байланган.
Ар бир кыйын балбаны,
Боло турган Таласка
Жер куйкалап жаңжалы,
Эрендери, шерлери
Бейпай салчу немедей
Бет алып келди эрлери.
Мелтиреген ак сарай,
Аны бейбак өзү салдырган
Бекемдиги бир далай.
Сырттан курчап жоо келсе,
Баш ооруткан доо келсе,

www.bizdin.kg



Айза сайса мадаган,
Ал Үмөтөй эр эмес,
Бээжиндин каны Коңурбай
Муну беш күнү камап жадаган.
Айза сайса өтпөгөн,
Төрт аяктуу айбандан
Чычкан жойлоп кетпеген.
Айланасын зоо кылган,
Алптан далай чогулган.
Кыйла душман чогулуп,
Кымбат Семетейге доо кылган,
Ошондо да баатырдын
Кара башын соо кылган.
Беттеп душман албаган,
Ошо кезде Таласка
Бейдаарат адам барбаган.
Каарланып барган жан
Катылса тирүү калбаган.
Ошо жерде сакчысы,
Сакчыдан угуп кабарды
Дарбазаны бакчусу
Тизе жерге бүгүлүп,
Жаадай учуп жүгүрүп,
Семетейдин бер жагы
Күлчорого барды эле
Күлчоро жайы ушундай,
Аңдышканым Коңурбай.
Атам Жамгырчы сойгон душманды
Эр Күлчоро береним
Узунунан салды деп,
Атам Жамгырчы кегин алды деп,
Кармап кытай соердо,
Олжо кылып өзүмдү
Кашайта көзүм оёрдо
Каарлуу душман колунан
Ажыратып калды деп.
Өчкөн отум тамызып,
Өлгөн жаным тиргизип,
Аман кыла салды деп.
Эштектердин эрени,
Эр Шайымбет берени
Ата уулу ыктуусу,
А да айла тапкыч мыктуусу
Акжелкедей тулпарды
Сатуу кылып кетиптир,
Жамгырчы кызы Акбала
Күлчородой беренге
Тартуу кылып бериптир.
Бет алган жоону сойдук деп,
Кайрашкан кытай-какандын
Кыл эмесин таштабай
Кыргын кылып койдук деп.
Адам таппас ой кылып,
Ааламдан ашкан той кылып,
Кожо, молдо жыйдырып,
Акбалага чорону
Чапма ике кыйдырып,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе зркин ойноп жатышып.
Калк чогулуп, чуу туруп,
Оңоп жаткан кез экен,
Капырай, күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп жаткан кези экен.
Чатыраш ойноп, даң салып,
Багалак ойноп, чаң салып,
Оолугуп ордо атышып,
Көп кызыкка батышып.
Кырк таман чийип салышып,
Жылкы ичинде кысырак
Кырктай байтал сайышып.
Атканы союп алышып,
Оюн башы оромпай,
Дүмпүлдөк сала салышып,
Эки экиден чынарга
Селкинчек тээп калышып.
Коштоп кийип суусар бөрк
Ыргап турган кези экен,
Кечээ, кошоктошуп кайран журт

www.bizdin.kg



Жыргап жаткан кезинде
Кандашкан жоону жоготкон
Семетей кандын оюнда,
Жамгырчы кызы Акбала
Алып берип чорого
Күлчоронун тоюнда.
Бели кындай, бети айдай
Белгилүү сулуу кыз алып,
Опсуз оюн чаң кылып,
Оюнун журтка даң кылып,
Ойноп жаткан кезинде
Ойрон башты кан кылып.
Дарбазада сакчысы
Алтын боолуу чатырга,
Эр Күлчоро баатырга
Ашып-шашып жүгүрүп,
Жанды таштап күйүнүп.
Элтелеңдеп чорого
Кабарга чапчу добулбас
Жоо келгенде кагылар,
Үнүн уккан эрендер
Жоо кайдалап жабылар.
Каарда чабат балбаны,
Анча-мынча жөн эле
Кулактын чыгат далдалы,
Добулбас бекем кагылып,
Эр Күлчоро баатырың
Жылуу төшөк, таттуу уйку
Калган экен Күлчоро
Жыргап уктап абыдан.
Жаткан экен Күлчоро
Жатып жамбаш талдырып,
Жамбаштап уйку кандырып.
Жылкынын кысыр тайын жеп,
Сүт ботонун майын жеп.
Кымыз ичип кызышып,
Сөөктүн терин сызышып.
Арак ичип алкынып,
Карчыгадай камынып,
Кызык оюну, тамаша
Кызыксаң жыргал табылып.
Кантын кардай кемирип,
Аракты суудай шимирип,
Жаткан экен жайкайып.
Ашып-шашып кароолчу
Добулбасты урду эле,
Ошондо жоо бөрүсү Күлчоро
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып.
Чукуранып ойгонуп,
Ата, чуулганда кысталак
Көк жолборстой толгонуп.
Уйкудан чочуп жүгүрүп,
Жоо кийимин кийинип,
Каруу-жарак шайланып,
Шамдагайы болжолсуз
Ата, шакылдаган шер чороң
Жазайылын камданып,
Шашып киймин кийинип.
Аркардай чуркап түйүлүп,
Тизе жерге бүгүлүп,
Жанды таштап жүгүрүп.
Жана чыга калды эле
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш.
Күлүмсүрөп кашкайтып,
Күндө жоо келди деп
Күлүмсүрөп тастайып.
Камбылдыгы билинип
Канкор чоро чыкты эле
Кан иччүүдөй сүйүнүп.
Чамынышы жолборстой
Чалышкан аман болбостой
Сулуулугу сустайган,
Менде көрсө беренди
Көргөн менде таң калган.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,

www.bizdin.kg



Өзү жоонун айласын
Артык билген кайран шер.
Алтын жаак айбалта
Аны колго таянып,
Адам, ала чыкты Күлчоро,
Ач билекке бир кылыч
Чала чыкты Күлчоро.
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган шер чоро.
Ай-ааламды буй кылган,
Артык көкжал эр чоро.
Ата, короздой болгон кайран шер
Колун алып аркага,
Козголбогон курган эр
Ашып-шашып чыкканда,
Жоо кайдалап бакырып
Дарбазада сакчыны
Кел бери! – деп бакырып.
Ачууланып сакчыга
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Ал Күлчоро кеп баштап:
«Атаңдын көрү, капкачы,
Капкадагы бакмачы,
Жебеден мурун желчүлөр,
Жеп ийүүчү жоо болсо,
Жетип кабар берчүлөр,
Чын сүйлөөчү дардандар,
Чынын айтчу балбандар,
Кара адырмак тоо барбы?
Кагылайын жайсаңдар,
Бизге келген жоо барбы.
Боз мунарык тоо барбы?
Каарланып бакырып,
Малды, баштын баарысын
Айдап кирип сапырып,
Кармап кетчү чоң барбы?
Кайгуулчуга* барыңыз,
Элчи бекен, жоо экен
Элтеңдебей бакмачы,
Кабарын айта салыңыз!
Бузулуп кетти көргөн түш,
Бир күнү тыным болбогон,
Аңдышып душман койбогон,
О, ботом, ушундай экен биздин иш.
Онтолобой чыныңды айт,
Оң жагымда орус бар,
Ошондон келген жоо бекен?
Кыр жагымда кытай бар,
Кыйындап түрүн билип айт!
Кызыл кыргын, чоң жаңжал
Кай уруусун билип айт.
Маңдайымда бараң бар,
Менин басташчу жоом далай бар.
Имерилиш жеринде,
Кутпа жаккы керүүмдө
Эр кызыл баш, инди бар,
Эңишкени келүүчү
Эчен уруу жинди бар.
Бузулган-Чамбыл ар жагы,
Букара шаары быягы,
Теке жоомарт* аты бар,
Казамбактай бөркү бар,
Жанаалы, Карач эки кан
Кармашам деген ою бар.
Түрү кандай барыңар,
Ошол аңдыган душман жоо болсо,
Бизге түрүн айта салыңар,
Казат жайы ушундай,
Кармалаша калыңар.
Душман бекен, эл бекен,
Же эл ичинде жөн бекен
Кабарын айтып салыңар!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Каарланып кашайып,
Кайран чоро турабы.
Энтеңдеген сакчыдан
Элдин жайын сурады.
Жай сурабай турабы,

www.bizdin.kg



Калк эскиртип, журт көргөн
Камбыл экен Күлчоро.
Кагышкан жоого беттеген
Даңгыр экен Күлчоро.
Улукман экен, кан экен,
Уруш десе сүйүнгөн
Чылгый темир кийинген
Ал кутурган чоронун
Бул адаты бар экен.
Айтып келген сакчыны,
А сакчыны бакырды.
Беренсиген сакчыны
Бер келгин деп чакырды.
Кароолдогу бакмачы,
Калбай жыйнап турганы.
Кай өңдүүнү көрдүң деп,
Сурап турду Күлчоро.
Сураганда сакчысы,
Сакчы жөнү момундай:
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча
Шарта-шурта желчүсү.
Кандай жерден доо чыкса,
Кайсы жерде мүшкүл чуу чыкса,
Демге калбай жөн эле
Азыр айтып берчүсү.
Тууган менен душманды
Билип берчү сынчысы,
Кан төгүшүп баш кесип,
Канча жаңжал болсо да
Туу түбүнө турчусу.
Сакчы жетип муну айтат,
Эр Күлчоро баатырга
Эң бир кызык дууну айтат:
«Белестен чыкты беш киши,
Белгилүүсү – Үмөтөй.
Айтар кептин тазасы,
Айкөл Манас бажасы.
Кара болот тукулу,
Кайран Көкчө тукуму.
Чынар терек мөмөсү,
Чын Семетей бөлөсү.
Үмөтөйдүн өзү экен,
Өзү турмак казактын
Карарган кара көзү экен!
Камбылынан жайланган,
Азыкка курут байланган.
Салмактуу айран, көк курут
Сандыргалуу көп журут
Үмөтөйдүн өзү экен,
Өзү турмак казактын
Карарган кара көзү экен.
Күлдү бадан тон кийип,
Күркүрөшүп көйрөң журт
Урааны казак өзү экен,
Өзү турмак Үмөтөй
Карарган кара көзү экен.
Айзаларын аркайтып,
Боолай чыгып келген бейм,
Көкчө кунун кутургур
Доолай чыга келген бейм!
Баатыр чором, өзүңдү
Жоолай чыга келген бейм!
Уйгу-туйгу бастырса,
Сүрү бөлөк көрүнөт.
Ойбойлогон Үмөтөй
Түрү бөлөк көрүнөт.
Атынын оозу алчактайт,
Айбандан түркүн миниптир.
Айзалары бир кучак
Адам, жыгачтын мүлкүн илиптир.
Өпкө жарып Үмөтөй
Өт алганы жүрүптүр,
Кара-Кыя кысыктан
Көч алганы жүрүптүр.
Жанын баштап салышып,
Өч алганы жүрүптүр.
Колуна тийсе Күлчоро

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Кулду алганы жүрүптүр.
Кордук кылып кыргыздан
Кун алганы жүрүптүр,
Баатыр да элең, шер да элең,
Күл абам, өзүң барыңыз.
Айкайлаган казактан
Жакшылашып сүйлөшүп,
Баатыр, ажыратып калыңыз.
Бээжинди чалган жолуңуз,
Казак бир эмес канчага
Белен эле жообуңуз.
Айланы артык салыңыз,
Тууган болбой, эл болсо,
Туталанбай жөн болсо,
Досту кылып алыңыз.
Туугандан кечип шок болсо,
Итиреңдеп сайышып,
Туугандык жолу жок болсо
Кызык кылып кыйласын
Кылычтап башын алыңыз.
Кетиктеп тулпар миниңиз,
Жакетай, кулдук! – дедирип,
Жосуну бөлөк көрүнөт
Жерине чейин түрүңүз!
Буйгат кебин таштаса,
Муңайып чынын баштаса,
Шекердей кептен салыңыз,
Ак жылкыдан боз болуп,
А дүйнөлүк дос болуп,
Элдешип кайра тартыңыз
Жадаалдашпай чырдашпай
Жан биргем төрөм, кайтыңыз!
Элчилигин билиңиз,
Жоолук жайы бар болсо,
Өлтүрбөстөн житирбей,
Жакетай, кулдук! – дедиртип
Жакшылап сабап казакты
Жерине чейин түрүңүз!»
Жеткилең желдет муну айтып,
Жеткилең желдет айткан соң,
Уйкусун таштап ойгонуп,
Ач арыслaндай толгонуп,
Колун суугa малынып,
Кол даaратын алынып,
Келген колдон чочунуп,
Суркоенду токунуп,
Жай-жарагын шайланып,
Жайдаңдаган шер чоро
Жанына жалаң кылыч байланып.
Жылгындуу, Кең-Кол көрүүгө,
Ошол Үч-Кошойдун жерине,
Кара-Бөрү, Баткалга
Кайнап казак жатканда
Кармаш жакка даңгылы,
Ай-ааламды буй кылган
Артык балбан, камбыл эр
Белеске чыга келгиче
Шайдаңдатып Күлчоро
Калк аманын кааласа,
Келген жанды караса
Айза, кылыч баары бар,
Атайы келген кандай жан,
Караанын көрүп болду таң.
Карап турсаң баарысы
Мендеден бөлөк көркү бар,
Бороон желден чыккандай
Жаба салма бөркү бар.
Иткелди сорпо, майлуу эт
Өлчөөсүн көрсөң казактын
Өлдүмбү деп кайра кет.
Берен экен, бел экен,
Бейли мындай эл экен.
Таруусун таштай таптаган,
Катынын кыздай мактаган,
Кичинеси чоңуна
Бокооз кебин жаттаган,
Атыштан кайра тартпаган,
Тотудай куйрук чубалган,

www.bizdin.kg



Каргылуу темир сыр найза
Каруурга байлап чубалган,
Сугунан кайра тартпаган,
Сумсайганын жазбаган
Белгилүү экен, бел экен.
Элкин жайлап төрдө өскөн,
Ээн Сары-Арка жерде өскөн,
Кулан кууп кутурган,
Жолукса жоого жутунган,
Кылыч суурул баптанган,
Кылып ийчү немедей
Жоо дегенде таптанган,
Көрсөң казак эл экен,
Аз гана эмес мол экен,
Баш-аягын карасаң,
Калк аманын кааласаң,
Эл өлчөөсүн байкасаң
Эки миңче кол экен,
Ошо колдун берени
Эр Үмөтөй зор экен,
Жааны кесе байланган,
Жай-жарагын жайланган,
Ач албарстан курч болот
Жанына кынсыз байланган.
Богонолуу болкоюп,
Болуп калган эр экен,
Урчуктуу тоодой калкайып,
Боз кыраандай даңкайып,
Толуп калган эр экен,
Көкчө кандай Үмөтөй
Болуп калган эр экен.
Кабарын угуп отурса,
Карын бөлө кул экен.
Шалдыр айран, көк курут
Капырай, кадимки Көкчө уулу экен.
Белге чыга келгенде,
Берендин жайын айтайын,
Үмөтөйгө бурганда
Өлүмдүн жайын айтайын.

Эпчилдиги эң мыктуу,
Эпсиз мыктуу Күлчоро
Каарын салды бакырды,
Эл кастыгын билүүгө
Эми чоро чакырды.
«Эй, тууганcыңбы, элсиңби,
Кабылганды кайсачу
Кара кулак шерсиңби?
О, ботом, Үч-Кошойдун бөксөсүн
Санап турган сен кимсиң?
Ач арыслан, жолборстой
Карап турган сен кимсиң?
Туугансыңбы, шерсиңби,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
О, ботом, тутанып өлгүр сенсиңби?
Жабдык кылыч жайланган,
Жалаңдатып кылычын
Жоо жагына камданган,
Жаадай учкан ат минген,
Сандап түмөн жоо чыкса,
Салышчуудай бир тийген,
Аркырашың айбаттуу
Ашкан окшойт кайратың.
Желкайыктай ат минген,
Шер мүчөлүү сен кимсиң?
Жеке жанды кыргыдай,
Эр мүчөлүү сен кимсиң?
Сөлөкөтүң, сөлбөтүң
Атка минген келбетиң
Топ аралап зарлардай,
Толукшуган балбандай
Жаадай кула ат минген,
Жакуттан кемер тартынган,
Жалаң кылыч байланган,
Ат арытып жер чалган
Алп мүчөлүү сен кимсиң?
Эрен жыйып кол алган
Көк темирдей куралган,

www.bizdin.kg



Жаанын тарткан огундай,
Табылгы сөксөөл чогундай.
Өтүүчүдөй сен кимсиң?
Өлчөп турсам бир түпкө
Жетүүчүдөй сен кимсиң?
Тардыгыңа карасам,
Таптап койгон болоттой.
Келбетиңе карасам,
Эл жайлаган колоттой.
Тиштериңе карасам,
Сайдын төөдөй ташындай,
Баштарыңа карасам,
Тоонун зоңкол башындай,
Алп мүчөлүү сен кимсиң?
Бой келбетиң чалкайып,
Кең-Кол менен Таластай.
Эрдигиң эпсиз көрүнөт,
Илгерки Көкчө Манастай.
Колдоруңа карасам,
Ээн белдин калкандай.
Эрдигиңе карасам,
Булут баскан алкымдай,
Муруттарың бир бөлөк,
Өтөккө чыккан чалкандай.
Каңылжарыңдын кирдиги –
Жаш бала көөлөп жеген талкандай.
Өңүң кара, сөзүң тик –
Ааламга салган чоң дүмөк.
Эй, алп сыяктуу бадырек,
Айгыр жалдуу, бээ курсак
Кең көкүрөк, тайган төш,
Эр мүчөлүү кара көз,
Эңишке азыр кирчүүдөй
Элеңдеген сен кимсиң?
Эки миздүү, төрт кырлуу
Бөрү тил болот айзанды
Белендеген сен кимсиң?
Күркүрөшүң жолборстой,
Күрөшкөн аман болбостой,
Күчөп турган сен кимсиң?
Бу дүнүйө тешигин
Ачуучудай сен кимсиң,
Ботом, тозок отун кол менен
Чачуучудай сен кимсиң?
Дарбазасын бейиштин –
Ачуучудай сен кимсиң,
Бу дүнүйө туткасын
Бузуучудай сен кимсиң?
Жеткилең кептен салыңыз,
Душман болсоң бакырып.
Жекеге чыга калыңыз.
Тууган болсоң досмун деп,
Аттан түшө калыңыз.
Жердегеним кең Талас,
Атабыз баатыр эр Манас.
Белди бекем бууганбыз,
Бээжиндин каны Калчадан
Берендер кунун кууганбыз,
Баатыр, бейлесең сизге тууганбыз.
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат менен
Алдырардын акылын
Мындан алты күн мурун курганбыз.
Ак тулпардай сүрөөндөш,
Ак буудайдай үрөөндөш,
Кабарың карын бөлөсүң.
Кармаша кетчү немедей
О, ботом, кайдан сапар келесиң?
Ата конуш Сары-Аркаң
Белиң аман жатабы?
Ала байрак, көк желек
Айтылган казак уч урууң
Элиң эсен жатабы?
Тартылган желе кызыл кыр
Жергең эсен жатабы?
Атаңдай көргөн Акеркеч
Баатыр эй, энең эсен жатабы?
Калк башкарып, журт билген

www.bizdin.kg



Карын бөлөм Үмөтөй
Бегим эсен жатабы?
Бээ байлаган Кара-Кыр
Элчиликти, кастыкты
Берен бөлөм санагын.
Ырас,  бөлөм, сен болсоң
Ырдап айткын ырыңды,
Ымандай айтчы чыныңды!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Жан кыйып жапа салганга
Ыктуулугу дагы бар,
Тилге кыйын чоронун
Мыктуулугу дагы бар.
Каарланса кайрандын
Белдик жагы дагы бар.
Жоонун айласын билген көйкашка
Шерлик жагы дагы бар.
Көкчө уулу Үмөтөй
Ата конуш Сары-Арка
Жерин сурап турду эле,
Үч жүздүн уулу казак журт
Элин сурап турду эле.
Ортосунда Үмөтөй
Бегин сурап турду эле,
Өкчөлүү өтүк, жаргак шым
Элин сурап турду эле.
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Каарланып какайып,
Оруп капка салчуудай,
Курутуучу байланып.
Азык кылып алчуудай
Мунун арпасын чийки оргонсуп,
Атасы көкжал Көкчөнү
Кан Манас кармап сойгонсуп,
Каарланып түрлөнүп,
Үмөтөй кетти жинденип,
Кармаш кылчу немедей.
Кайраттанып күүлөнүп,
Күлчорого муну айтат:
«Бек десең бектин уулумун,
Бекзааданын биримин.
Кайнардын кара көзүмүн,
Кармаш десе сүйүнгөн
Кан Үмөтөй өзүмүн.
Үмөтөй эмес Көкчөнүн
Карарган кара көзүмүн.
Урунаарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Ат арытып, жер чалып,
Тон тоздуруп эр алып.
Сен тозоттобо сөзүңдү
Атам эр Көкчөнү жеп алып,
Жалтаңдатпа сөзүңдү
Жадыгөй кулу бар да деп,
Жаның чыккан жуукуй кул,
Сурай келдик өзүңдү.
Ай талаада беттешип,
Уктук мындай сөзүңдү.
Уйпаланган кутургур,
Бүгүн көрдүк көзүңдү,
Атып жесе бал татыйт,
Аркардын этин өктө деп,
Ар кандай кылып кун алам
Айдаркан уулу Көкчөдөн.
Жетип  жесе бал татыйт,
Жейрендин эти өктө деп,
Жетип сурак аламын
Айдаркан уулу Көкчөдөн.
Алты капка Бээжинге
Калың элдер баш кошсо,
Кайра тартпас жерине
Таласты күтүп жер жайлап,
Атым жалгыз дегендин
Атын союп жеп айдап,
Алты Какан-Бээжинге
Алыш кылам деп айдап.
Ара жолго барганда
Добулбасты бек урса,

www.bizdin.kg



Журт чуркурап, кеп урса,
Өзүм жалгыз дегендин
Өзүн союп жеп айдап,
Чуңкур казган орго айдап,
Чалынып калчу торго айдап,
Кайнап өлчү шорго айдап,
Кайран атам Көкчөнү
Кара ат байлап, колго айдап.
Көй тулпарды байлатып,
Кыраан дөөнүн баарысын
Кырк чорого айдатып.
Зордук менен Бээжинге
Он эки канды жайлатып,
Бул кылганың кандайча?
Деген сөзгө көнүңүз,
Чатак баштап, чыр кылбай,
Көкчөнүн кунун бериңиз.
Арыктуу көкжал Семетей,
Эр Күлчоро сен болсоң
Сары-Арканы жердеген
Алышып менде жеңбеген
Эр Үмөтөй мен болсом.
Карагай айза бооласам,
Кан Көкчө кунун дооласам
Бул айткан кепти алыңыз,
Атаң Көкчө куну деп,
Кундун ушу булу деп,
Уулуна жооп айтыңыз.
Алтын дилде, зер жүктөп,
Арбуурулга артыңыз.
Атаң куну ушу – деп,
Кызыл буурул, тайкы жал
Кыйгачтаган кыраанды
Кыргын тартып, чыр көрбөй
Атаң куну ушу деп,
Астыма муну тартыңыз,
Буурул атты баш кылып,
Тулпардан тандап ат жыйна.
Кырылышып өлүшпөй,
Кыйындык салбай бат жыйна.
Кара көзүң сатуу кыл,
Маган кан Бакай башын тартуу кыл!
Кол куушуруп, кулдук де!
Убал-сообуң болобу,
Өзүңө кулдук кылдык де!
Карын бөлөм жан достум,
Как өзүңө турдук де!
Дегеним ушул азыр көп,
Атам кунун азыр бер!
Каарланып какайып,
Катуу жиним кармаса,
Белесиң кечип, белиңди айт,
Бейпайлашпай жөнү жок
Бет алышчу жериңди айт.
Кош Кара-Кыр керүүңдү айт,
Айткан сөзгө көнбөсөң,
Ата кунун бербесең
Койгулашчу жериңди айт!
Кун бербейм десең кыргыз журту,
Кулжуңдаба чыныңды айт,
Айзалашып көрүшсөң,
Мылтыкташып өлүшсөң,
Маңдай-тескей турушсаң,
Айза шилтеп, ок атып,
Мыктуу болсоң, сен кыргыз,
Былчылдашып урушсаң
Өзөңгө жаяр малым жок,
Өлүшө кетсең, ой кыргыз,
Өлүмдөн аяр жаным жок!
Кармаш кылар кол жыйдым,
Калтырбай колду мол жыйдым.
Ата кунун ала албай,
Жөн-жай туруп нетемин?
Кылча көрбөй бул жанды
Кырылыша кетемин!
Ачмарал, Мерки, кең Талас
Жол салганы келгемин,
Манастын уулу Семетей

www.bizdin.kg



Кол салганы келгемин!
Кечээ, кабылан канкор барында
Билген чырын кылыптыр,
Бирди койбой дагы эле
Миң сандарды жыйыптыр,
Айдап барып Каканга
Канчаларды кырыптыр,
Кордук көрүп байланып,
Кол санында айдалып,
Менин атам барбаса,
Бээжинди чаап алам деп,
Бээжинге бейпай салам деп,
Калк дүрбөтүп колду айдап,
Карасаң мындай мол айдап,
Кээ бирөөсүн кордуктап,
Каарын төгүп зордуктап,
Ак болотун мокотуп,
Алп, дөөнүн баарысын
Айдап жүрүп жоготкон.
Шумдук чуудан баштаган,
Кыраандардын баарысын
Кыстап кирип Кытайга
Кыргын кылып таштаган.
Анык өлгөн атамдын
Арбайын издеп желигип,
Кун бергин деп ээлигип,
Кыйкырып айза сунамын,
Кыйлаңды кыргын кыламын,
Жадаалдашып турамын.
Кыйынсынган каныбыз,
Кыйла жаш менен карыбыз,
Кылча көрбөй куу жанды
Бүгүн кырылабыз баарыбыз!
Айткан сөзгө көнгүлө,
Чатакташпай, чырдашпай,
Саксалаңдап калышпай,
Кыж-куж этип жөн эле
Кытайларча салышпай,
Журт бүлүнүп, эр өлбөй,
Тирүү калган күн көрбөй,
Деген сөз ушул көнгүлө,
Атам Көкчө кан кунун бергиле!
Түмөндөгөн Бээжинге
Түзүнчө айза сунганда,
Күн түгөнгөн окко учуп,
Жаңжалдашып турганда
Жапаны жаман көрүптүр,
Кайран атам бул үчүн
Серпишке кирип Каканга
Себеби үчүн өлүптүр,
Кайдан каар көрчү экен,
Кан Манас каарын салбаса,
Ошо турган Бээжинге
Атамы айдап барбаса.
Кайдан каар көрчү эле,
Кан султаны кан атам
Жетим калып балдары,
Жесир калып катыны
Качан менин берениим атам өлчү экен!
Айткан сөз ушул көнгүлө,
Ал атамдын кунуна
Кааладым канча бергиле!
Салышпастан чырдашпай,
Аранын баарын дуу кылбай,
Журттун баарын чуу кылбай,
Айткан сөзгө көнүңүз,
Кун ушундай экен деп,
Кан атам кунун бериңиз!
Сан карача төө берип,
Сарпайыдан бүктөсүн.
Атан төөнүн үстүнө
Кызыл алтын, кырмызы
Кыйнабай алып кеткин деп,
Кыйын атам кунуна
Салышпаса Семетей
Чыдасын мынча булуна.
Сан кара кашка бээ берсин

www.bizdin.kg



Берген бээнин баарысы
Аргымак күлүк аралаш –
Кара байыр, жез билек,
Көбү тулпар ала баш,
Анын күлүгү болсун аралаш.
Кан атамдын кандыгын
Калың журтка билгизсин,
Олжого келген Суркоен
Оолугуп кетпей жөн эле,
Чаңтийбеске мингизсин.
Кызык ушул, кеп ушул
Кун берерин билгизсин!
Айткан сөзгө көнүшсүн,
Чатакташпай, чырдашпай
Каалаганды беришсин.
Бул айтканга көнбөсө,
Каалаганды бербесе,
Маңдай-тескей турушсун.
Жазайыл атып, жаа тартып,
Маңдайлашып урушсун.
Баатырлыгын, шерлигин
Көрүшкөнү келгемин,
Карын бөлө Семетей
Кайра тартпай кул менен
Өлүшкөнү келгемин.
Омуроо бою күрөккө
Ок өтпөй турган тону бар.
Чатакташып чырдашса,
Канкорго мынча сонун бар.
Самсаалатып Сары-Аркадан
Айдап келген колум бар».
Мына ошентип, Үмөтөй
Каарын төгүп шайланып,
Жай-жарагын камданып,
Жадаалданып турду эле.
Жан койбоочу немедей
Чоң зордугун кылды эле.
Кулжуңдаган кутургур
Кудай муну урду эле,
Мына ошондо Күлчоро,
Анда Күлчоро туруп муну айтат:
«Мен Күлчоро болгону,
Күлчоро аткаконгону,
Жетим жүрүп жетилип,
Жергеге эптеп кошулуп,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Ак күбө тонду кийгени,
Айкырып жоого тийгени
Каза жетип өлбөдүк.
Жумуру баштуу мендеден
Көкчө кандын Үмөтөй,
Көөдөктөн сиздей көрбөдүк!
Ак марал айдап уй кылып,
Алышкан жерди буй кылып,
Карандай жерге чыр салдык
Алты-шаар, Маргалаң,
Аягы Кокон, Самаркан
Чубактын кунун кубалап,
Так ошону чаап жүз алдык.
Чынмачында, Каканда
Чын жаңжалды көрүппү?
Сенин атаң Көкчөнү
Кагышты катуу салыптыр,
Солоон деген урууга
Кан көтөрүп алыптыр.
Өкүм ишин жүргүзүп,
Өз кандыгын көрүптүр,
Куну турмак сенин атаң
Тирүүсүндө кун алып,
Өң казактын баарысын
Санаасы менен болтуруп
Сандыгынын баарысын
Сары алтын мүлккө толтуруп.
Көңүлү менен болтуруп,
Көмүркөйдүн баарысын
Көп алтынга толтуруп.
Кандыгын калктан ашырып,

www.bizdin.kg



Өрүшүн чаңга жашырып,
Кордукту койдой ашырып,
Короосун чаңга жашырып,
Кандыгын калктан ашырып
Бээжинди атаң алыптыр.
Султан болгон атаңдын
Сурак алып турганын
Серпишсең майып болосуң
Сени Кудай урганы.
Кечээ, алакандай бусурман
Бээжинге казат кылганда
Атаң Көкчө кан өлгөн,
Менин атам Алмамбет
Шейит болуп ал өлгөн.
Кырк чоронун кымбаты –
Кыйын Чубак ошо өлгөн,
Кыраандан нечен кошо өлгөн.
Карын бөлөң Семетей
Каарына калбай, тилимди ал!
Каада ушундай, кеп ушул
Кан Семетей билип ал.
Ач-Марал, Мерки жер басып,
Айры-Кайкаң бел ашып,
Атактуу Кең-Кол, чоң Талас
Сен камоочу жер эмес.
Канкордун уулу Семетей
Кан абам жайын сураба,
Кадырың кетет бөөдөтөн,
Сен коркутуучу эл эмес.
Улуксуңган кандыгың
Ушу жайдан билбесин.
Кыйыгына тийсеңер,
Кылча койбой бирөөнду
Кыргын кылып жүрбөсүн.
Жашың менен карыңды,
Калтырбай кырып баарыңды.
Акылдууңар шашпасын,
Баштыгыбыз акмак деп,
Баары журтта не жазык
Өлбөгөнү казактын
Сары-Арка качып тартпасын.
Журтум, кыйыныңар, каныңар
Жана кыргын тийгендей
Кырыласың баарыңар.
Оолугуп кетсе канкорго
Оң-солдун алы жетеби,
Каарланса канкорго
Кагышкан аман кетеби?
Өз дүйнөңдү чачпагын,
Өрөпкүп калган казак журт
Кызырлууну кырдырып,
Жалпы баарың жалынып,
Баатыр, жаман болуп кайтпагын!
Уруш болсо кокустан,
Айзалашып алышып,
Кырылышсак кокустан,
Кылмышы жок калк өлсө,
Болумдун баары бүлүнүп,
Кайран жандан түңүлүп,
Калың журт элдин кызыгы
Жазыксыз журт кырылса,
Иттикти чогуу кылбасын.
Айтылуу мыш-мыш чын болсо,
Аадандыкты билбесин,
Таңдын макшар күнүндө
Бизди кара эшек кылып жүрбөсүн.
Урчу Кудай урбасын,
Алакандай момун журт
Кыяматтын тар жолдо
Канын доолап турбасын.
Кылмышы жок өлтүргөн
Айбандыкты билбесин,
Экөөбүздү кержейтип,
Кара эшек кылып минбесин.
Айтканым ушул билип ал,
Чатакташпай чырдашпай,
Асыл бөлөм, тилимди ал!
Суу үстүндө кемем бар,

www.bizdin.kg



Кежир сөздү тыюучу
Энең менен бир нууган
Каныкей бейбак энем бар.
Берен энем бейтаалай
Каныкейге баралы,
Кепти ортого салалы.
Акыл тапчу карыны,
Укма кулак баарыны,
Койбой жыйып алалы.
Тапкычташып табышып,
Жүйөөлөшүп калалы.
Жамандашпай, чырдашпай,
Жакшы бойдон калалы».
Деп, ошентип, Күлчоро
Акыл кептен салды эле,
Каарланып Үмөтөй,
Канды Кудай урду эми.
Эл башкарган төрөдөй,
Эңтерип кетчү эмедей
Каарланып какайып,
Эренди Кудай урду эми,
Эр Көкчөнүн жалгызы
Беренди Кудай урду эми,
Атасы Көкчө өлгөнсүп,
Айкөл Манас кытайга
Жөн эле кармап бергенсип,
Куруп калган казактын
Куласын кууй качкансып,
Кулжуңдады куурагыр
Жөн эле куржунда булун чачкансып,
Адырандайт кара кул
Аласын ала качкансып,
Кутурмак болду кысталак
Ак теңге булун чачкансып,
Каарланып какайып,
Кан Үмөтөй болбоду.
Кайран Чоро жалынса,
Болбой жолун торгоду.
Оруп-жыйып алчуудай
Оюна койсо Үмөтөй
Калтасына салчуудай.
Талкан кылып Таласты
Талын кыркып жыкчудай
Такыр колун каптатып,
Тамын түртүп жыкчудай.
Оюна койсо кыргызды
Оруп-жыйып алам деп,
Кылча бирин таштабай,
Кырманына салчудай.
Кыргын кылып куу жанды
Жөн эле Үмөтөй оруп алчудай.
Апсайгандан саксайып,
Ачууланып бакырып,
Аламан айза сайгын деп
Казактарын чакырып.
Таластын ичин карасаң
Кызыл мунар тоо болуп;
Казактардан Үмөтөй
Карасаң кытайдан жаман жоо болуп.
Кара булуң тоо болуп,
Кастарын тигип Үмөтөй
Калмактан жаман жоо болуп.
Элкин койсо жайына
Элди кырып өткүдөй,
Түптүз койсо жайына
Түгөтүп элди кеткидей.
Буланы булап алгыдай,
Бузук экен Үмөтөй
Бузукту чогуу салгыдай.
Кыргын кылып жөн эле
Кылычтап башты алгыдай.
Кыйындарды кыйратып,
Жөн эле жол үстүнө жаргыдай.
Оругу мындай неме экен,
Сары-Арканын казагы
Үмөтөй баатыр дейт экен.
Капырай, кара башыл текедей
Баркылдаган кул экен,

www.bizdin.kg



Ойго-ташка урунган
Таркылдаган кул экен.
Адам, кышкы кара буурадай
Кычыраган кул экен.
Чамынса жанды койбогон,
Ичсе канга тойбогон.
Булкулдаган бачагар
Бузуктугун койбогон,
Көкчө уулу Үмөтөй,
Үмөтөй турду күүлөнүп,
Кубулуп, оруп кетчүдөй.
Күүлөнгөнүн карасаң,
Азыр түпкө жетчүдөй,
Сары-Аркага кыргызды
Олжо кылып өтчүдөй.
Жоо-жарагын шайланып,
Шай-жарагын байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып.
Катылчу сыны көрүнүп,
Кармалаша кетчүдөй,
Калың колдон бөлүнүп,
Төбө чачы сүксөйүп,
Беттин түгү үксөйүп,
Көз тунарып закымдап.
Ээги-башын карасаң
Тегирмендей шакылдап.
Ата, балбандыгы башкача,
Мунун да баатырлыгы бир канча.
Жээликкенин карасаң,
Жебеден мурун жетчүдөй.
Жеке койсоң адамды
Жетип илип кетчүдөй.
Улук да экен, эр да экен,
Ушундай кара көк экен.
Атанын уулу кургуруң
Айтканына бек экен.
Казактан жыйып кол алып,
Камданганы эп экен,
Сары-Арканын казагы
Үмөтөй балбан дээр экен.
Белеске чыга белсенип,
Бейли куруп теңселип,
Бет алышып турду эле,
Кол салууга Чорону.
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Абийир сактап Күлчоро
Башына алтымыш санаа бир келип.
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Каарланып какайсам,
Сунсам айзам жетет го
Көкчө кандан Үмөтөй
Капырай, талкан болуп кетет го.
Бир тууганым сойдуң деп,
Бөөдө өлтүрүп койдуң деп,
Эмчек сүтүн ак кылып,
Алда-таала Кудайдан
Ашкере мени жат кылып,
Кайран энем Каныкей
Эмчектин сүтү урсун деп.
Капырай, эсил энем Каныкей –
Каарланып бейтаалай
Кокустан каргап койбосун.
Эсил абам Семетей:
«Эселекке катылып,
Эмне болдуң иним деп,
Адам, уят кылып койбосун!
Карын бөлөм конокту
Кантип кармап сойдуң деп,
Эр экениң чын эле,
Элиңе келген меймонды
Эмине кылып койдуң деп.
Кытай эмес, жоо эмес
Кыйын шерим Күлчоро,
Сенин бул кылыгың соо эмес!»
Деп, ошентип, абакем
Өзөк кепке салабы,
Кайран жаным чын күйүп,

www.bizdin.kg



Уят болуп калабы?
Уялса сынып өлгөнүм,
Өткүр экен Үмөтөй
Өлгөндөн мындай көрбөдүм.
Каарланып какайбай,
Кан абама барайын.
Күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн шер абам
Барып акыл салайын,
Айга-буйта дегиче,
Жакын бөлөң экен деп,
Ачып көздү жумганча,
Семетейге айтайын
Казактыгы чын десе,
Калтырбай колду кур десе,
Каарланып түбүмө,
Кадыр алда жасаган
Казыр тийсе жиниме
Каарым келип какайып,
Катылайын бирине.
Тулпар тандап минейин,
Кылыч, мылтык кор кылбай
Кызыталак казакка
Камчы менен кирейин.
Жабылса жанын жедирип,
Жакетай кулдук! – дедирип,
Эрдигин эпсиз билейин,
Камчы менен жыга чаап,
Бойбойлотуп казакты
Сары-Арка көздөй тиейин.
Самсаалатып чочкону
Сары-Арка айдап кирейин.
Камышка кийре камайын,
Калжыраган Үмөтөй
Так эле өзүн көздөй сабайын.
Катыламбы, жокпу деп,
Канкор абаман жооп алайын.
Бүлүндүрүп казакка
Бүлүктү анан салайын,
Көкчө кандын Үмөтөй
Баатыр көк экени чын экен,
Чын чыңаган темирдей
Бек экени чын экен.
Белгилүү элге сен өзүң
Шер экениң чын экен,
Бир эсебин көп жандын
Табарлыгың чын экен.
Баатыр, кыргын салып кыргызга
Чабарлыгың чын экен,
Кара көкжал кабылан
Кан абама барайын,
Асыл абам Семетей
Акылды мыктап салайын.
Ал абакем кеп айтса,
Көкжал Көкчө атаңдын
Кунун берем деп айтса,
Дегенине көнөлү.
Буттап алтын – зер менен
Атаң кунун берели.
Далай толгон жаным бар,
Алдыңкы ээрдин шалпайтып,
Эки өркөчүн далпайтып,
Ардан нечен малым бар,
Билгенге мындай баркым бар,
Жамандашпай жакшылаш!»
Деп, ошентип, ойлонуп,
Үмөтөйгө муну айтат:
«Кун берүүчү аркым бар,
Белесчени чалбайын
Берен көкжал тура тур.
Беттешерим Семетей
Мен бээ саамына калбайын.
Көкжал абам Семетей
Мен Семетейге барайын.
Бар олуя батасы,
Ушунча журттун атасы
Баатыр Бакай төрөм бар.
Аалам журтка шер тууган,

www.bizdin.kg



Каныкей аттуу энем бар,
Буга кеңеш салайын,
Эң белгилүү кеп болсо,
Энекеме эп болсо,
Айтканыңа көнөбүз.
Кабылан Манас канкордун
Кай кылыгы бар экен?
Бээжинге барып окко учкан
Бу Көкчө кандай жан экен?
Айткан сөзгө көнбөсөң,
Андан кийин келейин».
Деп, ошентип, Күлчоро:
Өзүбүз карын бөлө элек,
Уят болор мунуңуз.
Карын бөлө сен элең,
Мен келгенче былк этпей
Ушу жерге туруңуз.
Жооп алган соң чоң жаңжал
Андан кийин кылыңыз.
Беренден жооп алганча,
Кабар берип салгыча
Мыктуу болсоң, шер болсоң,
Атанын уулу сен болсоң
Алдыңкы жайга туруңуз!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Айчүрөктүн сарайга
Күн кечкирген кечинде,
Салкын убак бешимде
Чуратып кирип келди эле.
Эл оюнун жыйганда
Бээ агытып турганда,
Эр Күлчоро кызыл өрт,
Эр Бакай менен Семетей
Өкөөн жыйып алды эле,
Чогулдурдун сазына
Чоң төрөнүн баарысы
Чогулушуп алды эле,
Уйрүлмөнүн сазына
Жыйылышып калды эле,

Мына ошондо Күлчоро –
Шай колдогон шер чоро,
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган эр чоро.
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Арыслан Бакай, Семетей
Жеткен экен кеп баштап:
«Аксакал Бакай энекем,
Карың мында турасың.
Караан кылган Семетей,
Абам мында турасың.
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби?
Мен көргөндү көрбөсөң,
Адам, мен билгенди билбесең,
Кабарыңда бар бекен,
Сары-Арканы жердеген,
Салышып душман жеңбеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Көк өзөндүн булагы,
Көкчө кандын чунагы
Тоюна токсон сойдурган,
Калк чуркурап, журт дүрбөп,
Атын Эр Үмөтөй койдурган,
Эр Үмөтөй келиптир.
Атам кунун бергин деп,
Элди камай келиптир.
Кыйла улукман карысын
Кыргын кылып кетем дейт,
Көргөн журттун баарысын.
Була* булуп алам дейт,
Бузукту мыктап салам дейт,
Куп эсебин табам дейт.
Ата кунун бербесе,
Кууратып калкты чабам дейт.
Көкчө кандын Үмөтөй
Жаңжалдашып чырдашсак,
Жана кандай көнөбүз?
Жадаалдашып урушсак,

www.bizdin.kg


Баатыр, не болор экен түбүбүз?
Күлүк тандап минишсек,
Мылтык атып жаа тартып,
Күрсүлдөшүп сүрүшсөк
Кандай болор каныбыз?» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Көкчө уулу баатырдын,
Көп кайраттуу капырдын
Ырын айтып турду эле.
Көргөн менен билгенин
Чынын айтып турду эле.
Көрүшкөнү келген казактын
Сырын айтып турду эле,
Күлчоро мындай деген соң,
Арыслан Бакай абасы
Артыктыгын карачы,
«Ал Үмөтөй эрендин
Көкчө кандан туулган,
Көп жерге салды чуулган.
Көрсөң түрү ушундай,
Ала байрак, жез найза
Аты күлүк күрсүлдөк,
Жоон өпкө дүпүлдөк,
Сасык айран, жүн курут
Алакөөдөн тарсылдак.
Кең көкүрөк казакты,
Келберсиген азапты
Ат баштаган алты сан
Тартуу кыла салгыла,
Чатакташпай, чырдашпай
Чын элдешип алгыла!
Атасы Көкчө эр эле,
Мураа болуп Манаска
Мурунтан бери келди эле.
Ар кыялы таза эле,
Айкөл менен эр Көкчө
Чын бир тууган бажа эле.
Каканды камап барганда,
Кытайга кыргын салганда
Көкала тулпар оозун
Бурган Көкчө кан эле,
Туу түбүнө былк этпей,
Туруп берген чеп эле.
Айбаты мыктуу, заары күч
Айдаркан уулу Көкчөнүн
Өбөгү мынча жан эле.
Чынмачынды, Каканды
Чындаган мынча кан эле,
Бээжинге кирсе каты уйкаш,
Көкчө Манас аты уйкаш,
Эрдиги мынча жан эле.
Бээ баштаган беш тогуз
Кудай үчүн, мен үчүн,
Көкчө, Манас шер үчүн
Барып тартуу кылгыла.
Айткан сөзгө көнгүлө,
Кара ниет Үмөтөй
Каалаганын бергиле.
Жамандашпай астына
Келе-кете жүргүн деп,
Туура көкжал баатырды
Туугандыкты билгин деп,
Тууган кылып алыңар».
Бакай айтып мындай сөз,
Сүйлөрүнө чамынып,
Кайыптан акыл табылып,
Каныкейге келди кез.
Мына ошондо Каныкей:
«Кан балдарым, угуп ал,
Айтсам кызык мунум бар.
Айтып какшап сүйлөсөк
Алдага сөз зар эле,
Каракандын колунда
Так он эки кыз бар элек.
Он экинин улуусу
Көкчө алган Акеркеч,
Буудайкан алган Бурулкан,
Жамгырчы алган Жайнаке,

www.bizdin.kg



Теке алган Айнеке,
Ормонбек алган Оюмкан,
Манас алган Каныкей,
Он эки кыз бар элек.
Бир айгырдын кулуну,
Бир атанын баласы.
Момун чалыш жан элек.
Алыстан көрүп билүүчү
Акеркечтин канаты,
Мунун атасы Көкчө барында
Аңкылдай бермей казактын
Качантан берки адаты.
Ээй, өзөндүү дайра булагым
Өлгөндө көргөн чунагым!
Келин чакта курган жан
Кечигип чачым өргөмүн,
Келберсиген Манастан
Кулунум, өлгөндө сени көргөмүн.
Ааламга салган чуулган,
Семетей менен Үмөтөй
Карын бөлө бул экөөң
Бир күндө экөөң туулган.
Тоюңа токсон сойдуруп,
Атыңды уйкаш койдуруп,
Карын бөлө жан элең,
Туугандыгың бар элең.
Тууганга тийген оңчу эмес,
Туурадан эки болчу эмес.
Жакынга тийген болчу эмес,
Канына тийген копчу эмес,
Дегенине көнгүлө,
Арбын дүйнө, түмөн мал
Каалаганын бергиле!
Кайтарып жолго салгыла,
Жамандашпай элдешип,
Жакшылашып калгыла!
Анте турган себеби –
Менин эжем Акеркеч
Өзү кадыр түн эле,
Касиеттүү күң эле.
Ак көрпө жайыл жан эле,
Ургаачыдан бейбактын
Касиети бар эле.
Чекири жок, кой көздүү,
Сепкили жок, ак жүздүү
Короз моюн, жалжал көз
Кеби ширин, тили бал
Ааламдан чыкпайт андай жан.
Толгон айдай толукшуп
Ак куладай болукшуп,
Асыл эжем байкуштун
Абийри мынча бар эле.
Кулак угуп, көз көргөн
Жерге атагы угулган
Касиеттүү жан эле.
Эри Көкчө көкжалдан
Берен уулу белекке
Алып калган ал эле.
Ал Акеркеч катындын
Жаркылдаган капырдын
Колдогону бар эле.
Көкчө ордуна баласын
Баана кылган жан эле.
Көп бала жок Көкчөдөн
Үмөтөй жалгыз бала эле.
Үмөтөй тууган Акеркеч
Касиеттүү жан эле.
Кайран эжем долунун
Ээрдинде сөөлү бар эле,
Тим айтканы оң болбос
Тилинде мөөрү бар эле.
Каргышы ката кетпеген
Тилдөөсү бекер кетпеген
Кайыр айткан оңбогон,
Каргышы ката болбогон
Энеси мындай күң эле,
Анын каргышы жаман жан эле.
Ээрдинде меңи бар эле.

www.bizdin.kg



Тиктеген адам соо болбос,
Тилеги каткан катындын
Тилинде мөөрү бар эле,
Кудай алсын Үмөтөй,
Энесинен коркомун» –
Деп, ошентип, Каныкей
Чууга салып турду эле,
Аябаган чоң азап
Дууга салып турду эле,
Кежирди коюп Семетей,
Элдешкин деп турду эле,
Үмөтөй менен Семетей
Көктө мунар жылдыздай
Коздошкун деп турду эле,
Акыреттик айкашып,
Достошкун деп турду эле.
Мына ошондо Семетей
Кан Бакай менен Каныкей
Болот, болбойт дебестен,
А сөзүнө көнбөстөн,
Ачылып жооп бербестен,
Каары келип кашайып,
Ачса көзү жайнады.
Караса Үмөтөйүнө
Кан ичмеси кармады,
Атаңдын көрү дүнүйө
Азыркысын жоготсоң
Айлыбыздан жоо чыгып,
Арбыды азап күнүгө,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Көрдүк түрүң ушундай.
Көп сүйгөнү жаңжалбы,
Үзүрлүү сөз кантип айталы.
Ушу жол жинин кагалык,
Антип каарланып кашайса,
Бу кара жолтой түгөттүн
Бир эсебин табалы.
Андай жаңжалды сүйсө, казакты
Жан жабылта чабалы.
Качан болсо энекем,
Ата, кагылайын урмакем,
Кагышпай соо жүрсүн деп,
Жактай берет экен го.
Жатындашын, тууганын
Жайы мындай болчу деп,
Мактай берет экенго.
Кан шимирген чорого,
Кайра тартып ошого
Эрин тиштеп, көз кысып,
Эптеп чыкты чорону.
Жаадай учуп Күлчоро
Ашып-шашып жүгүрүп,
Эликтей ыргып түйүлүп,
Шылуун тууган шер чоро –
Баатырлыгы башкача
Шыпты кашка эр чоро –
Шыпылдап чуркап жетти эле,
Семетей менен Күлчоро
Бир кишиге угузбай,
Бир адамга билгизбей,
Шыбыраша кетти эле.
Күлчорого муну айтып,
Күлүп турду Семетей.
Ит казакты сойгун деп,
Өлүм кыла койгун деп;
Дүүлөп турду Семетей.
Таштан кайра тартпасын
Күүлөп турду Семетей.
Атаңдын көрү, шер чором,
Алың жетет ааламга
Көкчө уулу Үмөтөй
Айтса акылга көнбөсө,
Талкалап башын алып кел,
Даңгыттарга жарып кел,
Өткөрө канга каныып кел;
Өкчөлүү өтүк, жаргак шым
Олжо кылып алып кел!
Алда байкуш энекем

www.bizdin.kg



Жаралган менде калыктан
Озо чыгат шордуу энем,
Машаягы пири деп,
Жөн эле тозо чыгат шордуу энем.
Кандын зайбы канаты,
Ар качандан бир качан
Асыл энем бейбактын
Ырым кылган адаты.
Ата, чоро кебим ук,
Ак болотуң майлагын,
Ачуума чын тийбе деп,
Өчөшүмө келгенде
Өзүмдүн абам эмеспи
Абыкени жайладым.
Кана менин өлгөнүм?
Кана мага убал жеткени,
Кабыргадан кагынып,
Как өпкөдөн сезгенип,
Кана, эмгиче Семетей өлүп кеткени.
Көрүнгөн жанды күйгүзүп,
Көкжалдыгың билгизип,
Көп жиниме тийгенде
Көбөштү көргө киргиздим.
Кана, маа убал жеткени,
Көз жумулуп, бут сунуп,
Көкжал өлүп жатканы.
Эмдигиче көкжалың
Көр азабын тартканы.
Мен ырымын качан кармадым,
Өчөшүмө тийгенде
Өз атам Жакып канды жалмадым.
Кана, менин өлгөнүм?
Эмдигиче эсил баш
Кыямат жүзүн көргөнүм.
Чыйбыт абам чыңырттым,
Алты байды аңтардым.
Көлбайды көргө киргиздим,
Көргөн журтум баарына
Көкжалдыкты билгиздим.
Көп адам көргө киргиздим.
Кана, менин өлгөнүм?
Убал жетип, көп адам
Кайда менин көрүшүм,
Качан убал өлүшүм.
Каарыма тийгенди,
Кыйыкка тие бергенди,
Кырк чорону кыргамын,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жалынсам койбой жанымды
Мөндүр кылып ок аткан,
Тартсам Буурул малымды,
Кол куушурсам түк болбой,
Күйгүзгөн минтип жанымды,
Кайнатып ийген канымды,
Жалынса болбой тууган дар
Кашайтып ийген жанымды.
Атамдан калган мураапы,
Эрдигиң элге сынаакы
Кырк чорону кыргамын.
Болбос жинди салгамын,
Бооз катынын жаргамын,
Кереге талын кыйратып,
Келин-кызын ыйлатып,
Уугунун баарын кыйратып
Уулу-кызын ыйлатып,
Кыргын кылып карысын,
Кыл эмесин таштабай
Кырып салдым баарысын.
Жакынымды жалмадым,
Кана өлүп кеткеним,
Кана маа убал жеткени,
Эмдигиче абакең
Көргө буту салаңдап,
Кана дүнүйөдөн кеткени,
Көкчө уулу Үмөтөй –
Үмөтөйдү көрүп кел.
Тилге келсе чочкого
Сегиз үңкүр казына,

www.bizdin.kg



Казынада сары ачкыч –
Сапсылгалуу бар ачкыч.
Кулпулап оозун ачайын,
Алагой казак мына деп,
Эл журтунун баарына,
Жашы менен карыга
Буттап зээрим чачайын,
Тилге келсе Үмөтөй
Дегенине көнөлү,
Адырда жылкы алты сан
Аргымак, кунан аралаш,
Чубатууга салалы,
Дегенине көнөлү,
Кадырлашса бөлөгө
Аргымак күлүк аралаш
Ушул Үмөтөйгө берели.
Киерине тон берип,
Жакшылашса Үмөтөй
Кааласа алаар кол берип,
Арбын малды чоң берип,
Бир табактан эт жешип,
Дидаарлашып беттешип,
Оболкуну козгошуп,
Кол кармашып достошуп.
Айза бирге боолошко,
Мына убада кылалы
Жоону бирге жоолошко.
Кыйыныбыз карыбыз,
Кыяматтык бөлөгө
Көрүшөлү баарыбыз.
Жоону бирге жоолорго,
Эпке келсе Үмөтөй
Доону бирге доолорго
Чалгынды бирге чалууга.
Кыргын болсок бир жерде
Чогулуп өлүп калууга,
Бек элдешип кайтып кел,
Берениң мындай деди деп,
Менин аманат сөзүм айтып кел.
Каарланып кашайса,
Кармап кулду жайлап кел,
Эки колун байлап кел.
Эки көзүн тең чукуп,
Абаң Семетейге айдап кел.
Эпке келсе Үмөтөй,
Алып келгин өзүмө.
Артык тууган болушка,
Көргөз менин көзүмө.
Бирге өзөн коноlу,
Бир биртууган бололу.
Бу дүйнөгө жыйгандаш,
Өлүм орток ыймандаш
Өткөрө тууган бололу.
Эпке келсе Үмөтөй,
Аябайын мураадан.
Атаңдан калган кең Талас,
Жылгындуу Кең-Кол жеримди
Деле ошол Үмөтөйгө берейин,
Ушул атаман калган элимди.
Такыр бойдон берейин,
Ал Үмөтөй баатырдын
Дегенине көнөйүн.
Элге кабар салалы,
Каалаганы кан болсо,
Кызылбаш журттун кыйратып
Кылымга кабар салалы.
Кан Үмөтөй баатыр деп,
Көздөгөн журттун баарына
Кан көтөрүп алалы.
Тилге келбей Үмөтөй
Тиртектесе казакты,
Казакка сал азапты,
Калкына каран салып кел,
Көк муроого канып кел.
Көргөнүң казак ушу деп,
Көп бел байлап алып кел.
Баатыр да элең, шер да элең,
Кубанамын сөзүңө.

www.bizdin.kg



Эрди сайсаң сен сайдың
Атың калды өзүмө.
Ай, Күлчоро, кулунум
Абамын кеби ушу деп.
Үмөтөйгө айтып кел.
Жадаалын салса казакка
Салам-дуба айтып кел!»
Деп, ошентип, Семетей
Күүлөп кайрап чорону
Күчөтүп жолго салды эле.
Жаадай учуп шер чоро,
Жалаңкычтай эр чоро
Үч-Кошойдун боюна,
Чоң Кең-Колдун оюна
Салып жетип Күлчоро
Болжогон жерге барды эле.
Чорону көрүп Үмөтөй
Болот айза колго алып,
Кулакер санга бир салып,
Жер аңгекти уратып,
Шамдагайы болжолсуз
Шапылдатып чуратып,
Чорого жете келди эле,
Эр Үмөтөй келгенде
Камбыл куштай камынып,
Кайран чоро берениң
Кайыптан акыл табылып,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Эптүүлүгү болжолсуз,
А Күлчоро сөз баштап
Үмөтөйгө барды эле:
«Карын бөлө Үмөтөй,
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Жер экен деп келипсиз.
Кырк уруу кыргыз кымбат журт
Эл экен деп келипсиз.
Манастын уулу Семетей
Баатыр көкжал султанды
Бел экен деп келипсиз.
Күп-күп этип, күүлөнбөй,
Ит кыялды таштаңыз,
Жаңыдан кыял баштаңыз.
Султанга акыл салыңыз,
Убал-сообу болобу
Казак менен кыргыздын
Милдетин өзүң алыңыз.
Кабылан Бакай карысын,
Бермек болдук берениm,
Айтканыңдын баарысын,
Карын бөлө Үмөтөй,
Жинди болбой соо болсоң,
Баатыр болбой жоо болсоң,
Маңдай кыраан чеп болдуң.
Тилге келсең Үмөтөй,
Кыргыз эмес кылымга
Баатыр, быйыл бек болдуң.
Жылгындуунун оюна,
Кең Таластын боюна
Берен Көкчө ордуна,
Кабарың кыйын, аты улук
Кан кылганы турабыз,
Кулак угуп, көз көргөн
Жер жүзүнө өзүңдү
Кан кылганы турабыз.
Үмөтөй улук болду деп,
Кеп кылганы турабыз,
Учмактуу элдин баарына
Сизди бек кылганы турабыз.
Кандыкты каалап алыңыз,
Кан абам канкор алдына
Тууганмын деп барыңыз.
Баш алуу мына, жер мына
Баатыр, башты алсаң мен мына.
Күтүп алсаң, калаалуу кыргыз
эл мына!
Күчөсөң башың алуучу
Кайран чоро мен мына!
Капанын баарын жоюңуз,

www.bizdin.kg



Күүлөнгөндү коюңуз.
Зилибиз бирге бир тууган,
Айткан сөз менен болуңуз.
Айткан тилди алыңыз,
Көк аскардай зоңкоюп,
Көргөн жерге улугум,
Жамандашпай шер менен
Баатыр көкжал эр менен
Төрөнүн төрө болмогу
Көпчүлүгү эл менен.
Жакшылашсаң Үмөтөй
Жан биргем бөлөм келди деп,
Жан аябай Семетей
Сан карача бээ берет.
Сандап, миңдеп төө берет».
Деп, ошентип, Күлчоро
Үмөтөйгө турду эле,
Ушул кепти урду эле.
Каарланып кашайып,
Ал Үмөтөй чиркинди
Эми Кудай урду эле.
Каарланды көз жайнап,
Капырай, кан ичмеси бек кармап.
Кыйгачтанып күүлөнүп,
Кыйкырык салды жинденип.
«Көөдөндө чымын жанымды,
Зарып кылам урушка
Кашыктай кара канымды.
Кызыталак жукуй кул
Кылып турган ишин көр.
Жалпак-жалпак сөз айтып,
Жан жыргатар кезди айтып,
Жаның чыккан акмактын
Айтып турган кебин көр.
Бел байлаган белиңе
Белгилүү көкжал шер экөөң
Азыр менин өзүмө,
Көрүнбө чором, көзүмө!
Караңгы болбой, түн болгун,
Каның түгүл жуунуп кул,
Каның менен бир болгун.
Жеке салыш кылбасам,
Жер жайнаган колуңду
Жеке өзүм кырбасам.
Үмөтөй болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн,
Атам кунун бербесе,
Арыз муңума көнбөсө,
Билге алтынын артпастан,
Алчаңдаган Буурулду
Астыма азыр тартпастан,
Кара жолтой жуукуйдун
Казыр айткан кебин көр,
Кара кылып отурган
Кан Семетей бириңди,
Каары келди Үмөтөй,
Казыр кагат жиниңди.
Кан атам кунун бергин деп,
Каалап келди бул ишти,
Кан кыл деди кимиңди?
Арам өлгөн жуукуй кул,
Айтып турган кебин көр,
Кызыталак чоронун
Кылып турган ишин көр!
Сары адырмак керүүңдү айт,
Саймедиреп кеп салбай,
Салыша турган жөнүңдү айт.
Кеп кыскасы ушундай –
Семетей менен достошуп;
Бирге жүрүп оңбоймун.
Күлчоро, Бакай карысын
Кулдукка берсе болбоймун.
Айылдаш болуп кутурам,
Айылын бузуп жутунам.
Калкын карап кыламын,
Калтырбай журтун кырамын.
Түп коргонуң түзөтөм,
Түбүнө чогуу жетпесем

www.bizdin.kg



Арага жүргөн чоро кул,
Сени өлтүрүп кетпесем.
Таппасамбы айланды,
Кандабасам найзамды
Кемитпесем жашыңды,
Кеспесем куу кул, башыңды!»
Деп, күүлөнүп Үмөтөй,
Уңгусу болот, учу курч
Көк болоттон айза алып,
Кулагерди бир салып,
Көзү ар жакта өрт кайнап,
Эринди кесе бек чайнап,
Көп сүйлөнүп бакырып,
Көкчөлөп ураан чакырып.
Бакырыгы баш жарып,
Үн кайраты таш жарып,
Каарын төгүп чамынып,
Кан төгүштөн кайтпастан,
Жазайылды салынып,
Качпай тур деп камынып,
Кайран эрдин өзүнө
Каар алдынан табылып.
Ууга кирди Үмөтөй,
Эч ким айла табалгыс
Дууга кирди Үмөтөй.
Кыргагы болот жез найза
Чын күрөң тартпас кең сайдан,
Чымын жан кеткис найзадан,
Чындаган экен Үмөтөй,
Каарын салып какайып,
Кутургуруң жетти эле.
Боз кисенин бети деп,
Жүрөктүн төмөн чети деп,
Өлчөөсүнүн өзү деп,
Өлүүчү жердин кези деп,
Ары карай жып койсо,
Ал жүрөктүн өзү деп.
Күлчорого кол салды.
Артындагы көп казак
Аламан салып дыр койду.
Артык балбан Үмөтөй
Андыртатып чоросун
Айза менен бир койду.
Сырттан шериң Күлчоро
Айза тийсе кыңк этпейт.
Айбалта чапса кутургур
Азелде чороң былк этпейт.
Зың-зың этип кенебейт
Үмөтөйдүн сайганын
Бучкагына теңебейт.
Эрдик менен шердикти
Эгем-таалам чорого
Берген экен ченбей.
Телегейи тең экен,
Ал Күлчоро эр экен,
Өөдө-ылдыйын карабайт,
Берендиги ушундай
Өлөмүн деп санабайт.
Кетмен туяк, кең соору
Керишке минчү Суркоен
Тартып оозун бурду эле.
Дагы айлаң канча, баатыр деп,
Чамаңыз бирге жетпесе,
Бүтүн казагың чакыр деп,
Кашкайып күлүп турду эле,
Казактардын Үмөтөй
Бир сайган жок он сайып,
Оолжуп кул турганы.
Жыйырма сайса кенебейт,
Бучкагына теңебейт.
Шер Күлчоро турганы:
«Атаңдын көрү, Үмөтөй,
Деги акылың жок экен.
Бу жиниңди коюңуз,
Жеке алың жете албайт.
Желиккен казак, түмөн журт
Мыктууң менде болуңуз,
Жазайыл атып, жаа тартып,

www.bizdin.kg



Чамаң келсе союңуз,
Чакчандаба казак журт,
Чачырайсың коюңуз.
Мейманга келип какайып,
Бек жаңжалды салбаңыз.
Кылча калбай кыл немең,
Кыргын болуп калбаңыз.
Өлгөнүңөн калганың
Кыйратып орой салды деп,
Кыйырыңа барбаңыз.
Ай караңгы түн болгун,
Эки миң казак Үмөтөй
Эл журтуң менен бир болгун,
Каканчы кайнап сайганда,
Калың казак көйрөң журт
Сенден кайышып кетсем оңомбу?
Сенден корксо чоронун
Эгерде иши эки болобу?
Арачыга айза урдуң,
Каарланып сен турдуң.
Баатыр сендей болобу.
Башың кыйрап кетпесин,
Сенден аянган адам оңобу,
Бейлесең боло Үмөтөй,
Мелтиреп кол кайырбайм.
Бек десең бектин уулумун,
Бекзааданын биримин.
Кан десең кандын уулу элем
Калжырайсың Үмөтөй
Шылдыр айран, көк курут
Кайсы жерде казактын кулу элем?
Каарым келип какайсам,
Качып-үркүп жүрбөгүн,
Жакетай, кулдук, кулдук – деп,
Жер-жериңе кирбегин,
Өрөпкүйсүң Үмөтөй,
Өз дүйнөңдү чачпагын,
Өлдүк ээ, жаке, кулдук деп,
Самсаалаган кайран журт,
Сар-Арка көздөй качпагын!
Каарын салып какайса,
Казакты чоро сорбосун,
Кадыр алда Кудай деп,
Калкың капа болбосун.
Чымырканса Күлчоро
Чын белиң суурул албасын,
Чындап ийсе кокустан,
Айза тийип окустан
Аманат жанды кыйбасын.
Бөлөмдү чором сайды деп,
Канкор абамды Кудай урбасын!
Жатындаш кан менен жоолашкан
Жаман экен булар деп,
Бирөө шылдың кылбасын!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Кол кайтарып, былк этпей,
Тулпар оозун бурду эле.
Алда, сурнайдай курган шер
Кашкайып күлүп турду эле.
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Көрүнөө айза сунду эле.
Көрдүң кулдун оройун,
Жапа салып чорого
Жана айзаны урду эле.
Кабагым деп кылт этпейт,
Калың казак айза урса,
Кайран чороң былк этпейт,
Ач болоттун мукулу,
Алакең кандын тукуму.
Күмүш көздүү, күн жүздүү
Күндөй урланган эгиз кул,
Атасы артык, теңиз кул,
Телегейи тең эле,
Ичин көрсөң чоронун
Жер жүзүнөн кең эле,
Жан жаратып бир Кудай
Жана чоро караанды
Жакында бербейт деги эле.

www.bizdin.kg



Көкчө уулу Үмөтөй
Аламан коюп чуу туруп,
Айза менен кирип жүр.
Катыны эркек туугансып,
Кабагым-кашым дебестен,
Кайран чороң күлүп жүр.
«Эр Көкчөнүн Үмөтөй,
Айтканым ушул билип ал,
Ата, Үмөтөй болбой жерге кир.
Улуу сөз айттым тилимди ал,
Тытылып кетет калканың
Тил албасаң казак кул,
Азыр чыгат талканың.
Айткан  акыл чоң кутум,
Жеке кирип жэээликсем,
Калдыр этиң казак кул,
Казыр чыгат быт-чытың,
Каар саламын түрүңө,
Каарым келип какайсам,
Кадырлуу бөлөң экөөң бул
Катылбай койбойм бириңе».
Үмөтөй сайып турган соң,
Ал Күлчоро кыраандын
Каарланып күч турду,
Төрө чороң бетине
Төрт элидей муз турду.
Туура кайнап кайран кан,
Туткагы кармап чоронун
Тутамга келбей ушу жан,
Чечекейи бузулуп,
Өң кубарып, ич күйүп,
Өңкөчүн тартып туралбай,
Өрттөнүп көзү жайнады.
Каалгадай кашка тиш –
Чын кадоодон башка тиш
Бөлө-бөлө чайнады.
Оолукканда шер чороң
Кылыч колго алуучу,
Кырктай илек жоо келсе,
Күч келип көзү киртийсе,
Кырк миң айза бир тийсе
Кыйшайбастан ал чороң
Кыргын кылып таштачу.
Кылычты алса колуна
Кыйындыгы мынчалык –
Кыямат мүшкүл баштачу,
Каарланса чородон
Каршы-терши кан кетип,
Кан кеткен соң жан кетип,
Калтырбай караан баштачу.
Жологонду жолборс кул
Жойкуп-жойкуп таштачу.
Кызырканса Күлчоро
Кылымга кыргын баштачу.
Кабылан ошол, шер ошол,
Кара көкжал эр ошол.
Ачууланып Күлчоро,
Элчиге келсе чорону
Ачууланып турат деп,
Айкырып айза сунгудай
Андай мындай дедимби?
Жети атаңдын куну жок,
Күрсүлдөгөн Үмөтөй
Күйөөрүңдү жедимби?
Мурунку жериң Сары-Арка
Бейкут чалгын чалдымбы,
Бузугумдан эл кырып,
Сенин жылкыңды тийип алдымбы?
Жылма жинге калдымбы,
Кан Көкчөнүн Үмөтөй,
Каарым келип кашайдым,
Катылсам бирди көрөсүң!
Ачууланып арбайсам,
Сары-Арка качып жетесиң!
Бир айкырып чапчысам,
Талкан болуп кетесиң!
Каарлансам өлөсүң,
Калчага жеткен ушул кол

www.bizdin.kg



Кайра келбес чын жайды
Үмөтөй, азыр көрөсүң!
Чындайм бирди көрөсүң,
Чымыркансам өлөсүң!
Тууган көрсөм мен сени
Кызыталак Үмөтөй,
Тетиги кытайлардай көрөсүң.
Берен болсоң, шер болсоң
Урунарга тоо таппай,
Жөн эле кылып ийчү немедей
Белсенип турган сен болсоң,
Белиңди бекем бууп ал.
Атаң эр Көкчөнү жайлаган
Кытайдан кунун кууп ал!
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Бакбурчундун жери эмес,
Аргын, кыргыз аз кана эл
Кырк уруу кытай эл эмес.
Кыйкырып айза саласың,
Сенин бу кылыгың жөн эмес!
Каарланып какайсам,
Казыр бөлөм, өлөрсүң!
Өз убалың өзүңө,
Эми эмгегиң төбөңө!
Жаңжал кандай билесиң,
Жана тилге келбесең,
Так эле кытайдын тонун киесиң.
Туу түбүндө каныңар,
Казыр чыгар жаныңар!
Кармаш кылсам сырайып,
Кырылар журтуң тырайып,
Кыйынсынган эриңер,
Убайым кайгы жедиңер,
Урушту кылган Үмөтөй,
Калың журт, кулдук дебегин!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Ачууланып тыңданып,
Ач ойкума жайланып.
Каарланса кыраандын
Каары бетине айланып.
Көрүнгөн жанды шаштырып,
Булуттай учкан Сур атын
Ойдолотуп бастырып.
Көк жекени салынып,
Көрсөң мындай кыраан кул
Кылып ийчү немедей,
Кыйгачтанып камынып.
Кол кайтарсам кокустан,
Кагыша кетсем окустан,
Кызыталак казакка
Кыйын мүшкүл болобу?
Кымбат энем, Семетей
Кырып ийдиң бөөдө деп,
Уят кылып коебу?»
Деп, ошентип, Күлчоро
Артын ойлоп кашка кул,
Адамдан бөлөк башка кул,
Кечээ, Күлчоро минтип турду эле.
Алдан нече ой ойлоп,
Үмөтөйдү койкойлоп,
Кой-кой сөзгө болгон жок,
Ал Үмөтөй оңгон жок,
Мына кызыталак кулуна
Кыйкырып айза сунуңар!
Сексен жаны болсо да,
Кызыталак чоронун
Туш-тушунан уруңар!
Урушуп келип жөн турган
Атаңдын көрү, казак журт,
Уят болот мунуңар.
Бел байлаган белинин
Бейлеп башын кескиле,
Манастын уулу канкорго
Ишенип турган шеринин
Айт десе жоого кирүүчү,
Ар кандайды сүрүүчү,
Бу кутурган чоронун
Башын кесип алгыла.

www.bizdin.kg



Чоро көзү жоголсо,
Чоңураак ишиң оңолсо,
Анан Манастын уулу көөдөктү
Төбөсүнөн баскыла,
Төрт түлүгүн чачкыла!
Жылкысын жылма тийгиле,
Дүнүйөсүнө киргиле!
Атышты арбын салгыла,
Бабабыз Көкчө баатырдын
Так ушинтип өчүн алгыла!
Миң сан айза бир сайып,
Жазасын колго бергиле.
Чыйраксынган бу кулдун
Так жазасын кулга бергиле!
Канын карап кылгыла,
Калтырбай журтун кыргыла!
Элине бейпай салгыла,
Кылча калбай жалгыз жан,
Адам, журтум кеп ушул,
Кыргын болуп калгыла!»
Деп, ошентип, Үмөтөй
Каарын төгүп бакырды.
Калмактан жаман жоо болуп,
Калың элдин баарысын
Каптап кет! – деп чакырды.
Жабыла жарак бөлүнбөй,
Үмөтөй буйрук кылган соң,
Жан койчу түрү көрүнбөй.
Көмкөрүлдү бөлүнбөй.
Көрүнөө казак калың журт
Көй төрөсү айза урду,
Жан койчу түрү көрүнбөй.
Чогоол мылтык чартылдап,
Чогуу каптап кетти эле.
Кара мылтык карсылдап,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жабыла казак жетти эле.
Муна ошондо Күлчоро –
Ааламдан артык шер чоро,
Адамдан бөлөк эр чоро
Чыдай албай кордукка,
Элчиге барса эси жок
Үмөтөй салган зордукка.
Кыйын талоо көргөндө
Кыйратпай чоро турабы,
Бегирээк талоо көргөндө
Күлчоро карап турабы?
Каарын салып бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Сур ат санга бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Ойкуп-ойкуп калды эле
Ойкуган жерде ону өлдү.
Жаке, кулдук кылдык – деп,
Беш-алтоосу белде өлдү.
Алтоо-жетөө сырайып,
Бая бет алышкан жерде өлдү.
Акылга дыйкан карысы,
Чочуп кетти келген кол
Казак журттун баарысы.
«Жазайыл дүмөк бир мүшкүл
Көргөнү келген экенбиз.
Жан жабыла жок болуп,
Адам, өлгөнү келген экенбиз!
Бул Үмөтөй баатырдын
Көлөкө түрү жок экен,
Кара көңүл капырдын
Көкчө кунун кубалап,
Сары-Арканын макзурдун
Жыйганы келген экен – деп,
Сандатып журттун баарысын
Кырганы келген экен деп.
Букара жыйып, эл күтүп
Этейин деген экен деп,
Эбин таап элдин түбүнө
Жетейин деген экен деп,
Журт чуркурап, чуу турду,
Аңгемени дуу кылып,

www.bizdin.kg



Аттан түштү көп казак:
«Журт оюнда болуңуз,
Бузукту кармап союңуз!
Каныбыз чочко эмеспи,
Калганды аман коюңуз!
Баштап жаңжал салыптыр,
Баары журт сизге не кылды?
Ай-ай баатыр кулдук деп,
Айбаты мыктуу шер эдиң,
Өзүңө кулдук кылдык! – деп.
Калың журтуң муну айтып,
Калк чуркурай калды эле.
Калайык минтип турганын
Акыл көрдү Күлчоро,
Айтса-айтпаса төгүнбү,
Калың журт чуулап турганын
Макул көрдү Күлчоро
Элге, журтка тийбестен,
Элтең уруп шер чоро
Ары таман өттү эле,
Көпкөк темир кийинген
Үмөтөй канга жетти эле,
Кулакердин үстүнөн
Оң далынын бети деп,
Омуртканын чети деп,
Өлчөөлүнүн өзү деп,
Өткөрбөй жандап жиберсем
Калдыр этек казак кул
Ыргып кетер кези деп,
Жадаалданган акмакты
Жандата сайып салайын,
Жан биргем абам төрөгө
Сынга байлап барайын.
Өлтүрбөстөн-житирбей,
Кайран башым бүтүрбөй,
Дууга байлап барайын.
Айыкпаган чоң жаңжал
Чууга байлап барайын,
Айгай кулак тундурган
Дууга байлап барайын.
Амызданса эр өлчү
Атакка байлап барайын,
Аябаган чоң бузук
Чатакка байлап барайын.
Үмөтөй кебин эп көрсө
Ар кескен чаап кесейин,
Тирүү кылбай тим эле
Абакем Семетейден безейин.
Кармалашып Үмөтөй
Карын бөлө неме экен
Тууганым байлап алайын,
Абама алып барайын.
Достуң душман болду деп,
Абакеме айта салайын.
Үмөтөйдү эл көрүп,
Элтең урса кокустан,
Бөлөк десе окустан
Тууган кылып нетейин,
Туш келсе башын кесейин!
Асты тилин албаса,
Кан абамдан безейин!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Айзага балбан даңгыл кул,
Ааламдан ашкан камбыл кул
Серпишке кирсе тартпаган,
Алышкан жоодон кайтпаган,
Кабыландан илгич кул,
Олуядан билгич кул
Сары жаргак шым кийип,
Сулуудан сур ат минип,
Түмөн сандуу жоо келсе,
Өлөрүн билбей бир тийчү
Өкүм тууган шер чоро,
Өткөрө султан эр чоро
Кемеринин бетине,
Ок өтпөс тондун четине
Чоң күрөөкө көзүнө,
Куру тондун өзүнө

www.bizdin.kg



Желигип чоро жетти эле.
Айза менен бир муштап,
Ал Үмөтөй баатырды
Кункуучу ыктууну,
Курсагы арам мыктууну
Чалып таштаар каманды,
Көкчө кандан Үмөтөй
Көргөнү башка жаманды
Илип таштап өттү эле.
Кайра, тартып Күлчоро
Бою узун шыргыйдай,
Илгичтиги кыргыйдай
Аттан түшкөн Үмөтөй
Жебеден мурун жеткени.
Кетип келип шер Чороң
Үмөтөй канды беттеди.
Жээлигип Чороң жетти эле,
Айта-буйта дегенче,
Ачып көздү жумганча
Өлтүрбөстөн житирбей,
Тон-тоносу баары бар,
Көк күбөнү кийгизип,
Оңкондотуп оңшойтуп,
Опурулган кырааңды
Улуган иттей шоңшойтуп,
Борчуктуу тоодой барбайтып,
Үмөтөй канды дардайтып,
Ошо кезде шер Чороң
Тирүү кармап алыптыр,
Кулакерге таңыптыр.
Тууган бөлөң мына деп,
Туйгун шердин алдына
Тирүү байлап барды эле.
Ал Үмөтөй төрөнү
Кулакерден барбайтып,
Курган балбан Күлчоро
Аттан алып салды эле.
Абасына муну айтып,
Ошондо Чоро барды эле:

«Төрөм, ар качандан бир качан
Кызыл өрткө жумшайсың.
Же Күлчоро кырааның
Жумшаган жактан өлбөдү,
Башымды тартсам тууганың
Бул Үмөтөй көнбөдү.
Каарланып какайып,
Жалынсам укпай сөзүмдү,
Баатыр жаман кылды өзүмдү.
Айзалап тытып тонумду,
Көп көргөндү сонунду.
Айтсам укпай тилимди,
Каным тутам, ич күйүп,
Көкжал бөлөң Үмөтөй
Көп келтирди жинимди.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жан кыюуга ок атып,
Кетирип ийди шайымды,
Кайнатып ийди канымды,
Көп бышырды жанымды.
Карагай айза боолады,
Кан Көкчө кунун доолады.
Атымды тартсам болбоду,
Акыры жаным койбоду.
Калың казак жыйылып,
Байламак болду колумду,
Олжоломок болду эле
Үстүмдөгү тонумду,
Көргөзмөк болду көзүмө
Киши көрбөс сонунду.
Мен Күлчоро болгону
Күлчоро атка конгону,
Ак күбөөнү кийгени,
Алчайып атка мингени,
Айкырып жоого тийгени,
Кыл мурутум суналып,
Жигиттик дооран сүргөнү,
Айкырып жоого тийгени,
Мындай мүшкүл зордукту,

www.bizdin.kg



Чоро Чоро болгону
Көрбөдүм мындай кордукту,
Ат баштаган алты сан
Тартуу берсем болбоду,
Айза сунуп койбоду.
Көп кетирди алымды,
Күйгүздү менин жанымды,
Айландырды башымды.
Ат, төө тартсам тил албай,
Сурады белем жашымды.
Ар кайсысы айза уруп,
Айландырды башымды.
Бүтөп тороп жолумду,
Тууганыңдан тутандым,
Бу бөлөөң салды сонунду.
Колуна тийсе казагың
Жалынсам укпай сөзүмдү,
Жадаалдыгы мынчалык
Чукуган турат көзүмдү.
Тапканы турат доорумду,
Жөн эле эзгени турат боорумду.
Алыска минсе Кулакер
Буудандык түрү көрүнбөйт,
Айыл консо бул бөлөң
Туугандык түрү көрүнбөйт.
Коркуп, үркүп кутургур
Бүгүн айыл кончудай,
Кыйыгын тапса бул бөлөң
Эртең душман болчудай.
Айыл консо өзүңө
Тел кулунуң жегидей.
Казына оозун ачкыдай,
Түмөнүңдү чачкыдай.
Түгөнгөн башка иш келсе,
Мунуң душманга сырды ачкыдай.
Абайлап угуп сөзүңдү,
Алдагыдай өзүңдү.
Бажиги* тийсе колуна
Чукугудай көзүңдү.
Чуңкур жерге жер болбойт,
Бу чубут экен Үмөтөй,
Баатыр, чуулган салып эл болбойт.
Кашатча кыраң жер эмес,
Сенин кайран бөлөң эл эмес.
Эрдигиң мол, эсиң жок
Эңгир-деңгир жан элең,
Артыгың мол, акыл жок
Баатыр, ала көөдөн кан элең.
Беттегенде иш кылчу
Ала көөдөн сен элең,
Ар качандан бир качан
Сенин азабың тарткан мен элем.
Көрдүм тилим алыңыз,
Баатыр, көөнүң келсе бөлөңдү
Тууган кыла салыңыз.
Баатыр, чогоол экен дебесең
Чоронун тилин алыңыз.
Баатыр, чоро тилин албасаң,
Чоң тууганың Үмөтөй
Баатыр, тилин ала салыңыз.
Айтканына көнүңүз,
Ат баштаган алты сан
Алтын жүктөп айдатып,
Ал атты айдап барууга
Алты миң адам камдатып,
Дегенине көнүңүз.
Атасын атаң союптур,
Чатакташпай, чырдашпай
Кун доолаптыр бериңиз!
Алдыңкы ээрдин шалпайтып,
Эки өркөчүн зоңкойтуп,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп,
Жети миң кызыл нар айдап,
Ар куйругун өрүңүз.
Буттап алтын, зер артып,
Атаң куну ушу деп,
Үмөтөйгө бериңиз.
Ушу сөзгө көнбөсөң,

www.bizdin.kg



Ушуну тартуу бербесең,
Ынабайт айткан сөзүңө,
Акыры жүрүп бул бөлөң
Душман болор өзүңө.
Сары-Арка чалып, жол алып
Сары-арканы жердеген
Казактан айдап кол алып,
Казганы келген оруңду,
Кайнатканы чыккан шоруңду.
Аруулап чалып жолуңду,
Биз Бээжинге кеткенде
Жаман катын, жаш бала
Жалпы кырып талкалап,
Жаның чыккан Үмөтөй
Кылганы келген сонуңду,
Тартып Талас жериңди,
Талкан кылып элиңди,
Сары журт кылып журтуңду,
Түгөтүп такыр кутуңду,
Төкмөк болгон көрүнөт
Кашыктай кара каныңды.
Сары кан, Бакай каныңды,
Кыйыгын таап Үмөтөй
Кырмак болгон баарыңды.
Сары-Аркадан келген кул
Үркүн-түркүн сөгүлөт
Колго башчы Үмөтөй
Төрөм, ушундай түрү көрүнөт.
Туура кептен мен салдым,
Туйгун, тилим алыңыз.
Бузук сөз десең Чорону
Төрөм, эми өлтүрө салыңыз.
Көкчө уулу Үмөтөй
Душман окшойт, түк окшойт,
Туура балаа ушу окшойт.
Кара керүү тоо окшойт,
Карсылдаша кетишти,
Мунуң калмактан жаман жоо
окшойт.
Эмине келсе Үмөтөй
Эбин таап айыл конгудай,
Эбин тапса соргудай,
Бул эзелден душман болгудай.
Дегенине көнүңүз,
Каалаганын бериңиз.
Калжыраган кул десең,
Кул ушакчы уул десең
Тууганга азыр тунуңуз,
Көкжалым, туура душман мунуңуз,
Мына бул айткан сөздү угуңуз!»
Деп, ошентип Күлчоро,
Бул Үмөтөй баатырдын,
Өрттөнүп кеткен капырдын
Турса айза көп сайган,
Кадоолдугу бар экен,
Тутанып өлгөн мунуңдун
Жабышса жанды койбогон
Тажаалдыгы бар экен.
Беттешкенде белсенген,
Берендиги бар экен.
Бет алса тилди албаган,
Мунун кежээлдиги бар экен.
Эритип эбин тапсаңыз,
Тууган кылып алыңыз.
Эбиңе көнбөй баратса,
Муну эптеп жолго салыңыз.
Түбүндө түптүз көрөрсүң,
Эл санасаң түбүндө
Көкжалым, Үмөтөйдөн өлөрсүз.
Бул Үмөтөй капырың,
Каарланган баатырың
Көп дүйнөң берсе алганда,
Жер жерине барганда,
Тартуусун алып канганда,
Эртең семирип сергип алганда
Сары-Арка бойлой конгондо,
Жашашы чөптөй жаркырап,
Мунуңдун көңүлү толуп болгондо

www.bizdin.kg



Сары-Арка бойлой конуучу,
Сааты кармап Үмөтөй
Саа салмактуу душман болуучу.
Алты күлүк ат берер,
Ар кайсы элдин баарына
Алакандай кат берер.
Ураса басчу зоону алар,
Кармашса сойчу жоону алар.
Алты күлүк ат берер,
Сырыңды билип Үмөтөй
Баланча айга келгин – деп,
Мунуң басташкан жоого кат берер.
Чамасы болор сөзүндө,
Чалгайы болор көзүндө.
Чамасы келсе Үмөтөй,
Чалганы турат өзүңдү».
Деп ошентип Күлчоро,
Кыйла кеп айтып турду эле
Мына ошондо Семетей
Каарланып камынды.
Кайран шердин өзүнө
Кайыптан акыл табылды.
Ар чамынса Семетей
Арыландай күркүрөп,
Үмөтөй турмак карандан
Көп адам ою дүркүрөп.
Оозунан көк жалын
Октоз берип шыркырап,
Каарына чыдабай
Мурун күйүп шыркырап.
Сомдогондой кашка тиш –
Сокбелектей башка тиш,
Тиштегенде жөн эле
Таруудайдан быркырап.
Өкүлдөсө бакырып.
Күркүрөсө караанын
Чынардын башын жапырып,
Чымырканды көкжал шер,
Чындап жаны бек күйүп,
Чын ушундай кайран эр.
Канчоролоп бакырып,
Ата, короздой болгон кайран шер,
Ата, козголбогон султан эр
Күлчоро менен Канчоро
Эки эренин чакырып.
Эки эрен жакын келгенде:
«Күлчоро менен Канчором –
Эки бирдей шер чором,
Экөөң катар эр чором.
Күүлөнсөң мынча баркың бар,
Кармаш кылса душмандын
Канын төкмөй салтың бар,
Булут минсе муз бүркүп,
Кайрылбаган шерлерин,
Кара көңүл эрлерин
Билеги жоон, таш жүрөк
Бил мүчөлүү бадирек
Берсе болот мокоткон,
Бет алганды жоготкон,
Жоого кирсе четтеген,
Жолосо жанды өрттөгөн,
Эл болгонду сүйүнткөн,
Жоолашканды күйүнткөн.
Тууган тапса кан алган,
Душманга кирсе чаң салган.
Керелешкен кент болгон,
Кез болгон душман мерт болгон.
Туюкту бузуп жол салган,
Сан түмөнгө кол салган.
Кан агызып кат алган,
Бала күндө эгиздер
Он эки бирден бата алган.
Бет алган жоону мерт кылып,
Сай кашка деп атанган.
Салмагы оор белдерим,
Сандыргалуу шерлерим,
Кагыш десе барганым,
Кармашты катуу салганым.

www.bizdin.kg



Айлансам болот Алдага
Караан кылган балдарым.
Алтындан болот сом балтам,
Паана кылган чоң аркам.
Көлөкө кылган шерлерим,
Көрүп койсо көөнүм ток,
Карап турсам кардым ток,
Экөөңөн башка караан жок,
Бурулуп минер буудан жок,
Балдар, экөөңдөн бөлөк тууган жок.
Эңкейсең өбөк болуучу,
Каңкыдан бөлөк ээрим жок.
Эңкейип кетсем кокустан,
Менин тууганым түгүл, жээним жок,
Мына ушундай дүйнө бок.
Экөөңөн башка караан жок,
Кадыр Алда кудурет
Калгыз жаратканга көөнүм ток.
Көрүп турган сен экөөң
Кеп жаңжал кылып урушса,
Кун доолашып турушса,
Башты тартса түк болбой,
Кулжуңдашып урушса,
Айтканы кандай көнөбүз,
Атасы Көкчө көкжалдын
Азыр кунун беребиз.
Буттап алтын, зер жүктөп,
Дилде тартсам оңбоптур,
Бул Үмөтөй болбоптур.
Кыргыз арзан эл эмес,
Кыйыгыма тийбеңиз.
Атаң Көкчө канды жоготкон
Капырай, кытайдын журту мен эмес.
Белиңди бекем бууңуз,
Бээжиндин солоон калкынан
Атаң Көкчөнүн кунун кууңуз!
Калыкка кабар салыңыз,
Аргын менен кыргызды
Тегиз жыйнай калайын,
Чубатууга салайын.
Ок өтпөгөн тон алгын,
Ок жетпеген ат минип,
Кармашканың Каканчы
Кастарың тигип барыңыз.
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Манастын уулу Семетей
Жоого кирсе каты уйкаш,
Жолоочу жүрсө аты уйкаш,
Өлүм орток, жан бирге
Кагышка кирсек кан бирге,
Кармашка кирсек чаң бирге,
Эренсиген шер элек,
Эгиздей тууган неме элек,
Тойго токоон сойдурган,
Артык бөлө болсун деп,
Аты уйкаш койдурган.
Ал Үмөтөй чын бөлөм,
Душмандыкты чын көрөм
Малды тартса болбойсуң.
Чоролор барса найзалап,
Же Үмөтөй оңбойсуң.
Ар качандан бир качан,
Бузугуңду койбойсуң.
Кол чыкырып, айза уруп,
Жаңжалдашып чын туруп,
Жалаң айза бооладың.
Кырып салчу немедей,
Атаңдын кунун дооладың.
Астыңа тартып мал барса
Арзан эмес даңкайып,
Эр Күлчоро да барса,
Каптал буздуң, жол салдың,
Аланды ала качкансып
Мынча неге кол салдың?
Маңдайлашып туруштуң,
Мылтык атып, жаа тартып,

www.bizdin.kg



Душмандан бетер туйлашып
Болот айза Зулпукор
Болбой белден кайрашып,
Болжолу жок уруштуң.
Жекелешип урушуп,
Же Үмөтөй оңбодуң,
Каарланып какайып,
Кайран башка күч кылдың,
Унуткусуз иш кылдың.
Кол чыгарып, эл жыйнап,
Койдой кордук салганың.
Карын белем Үмөтөй,
Кадаңдайсың, оңбойсуң,
Кандык тартсам болбойсуң.
Каарланып какайдың,
Минтсең бөлөм оңбойсуң!
Сар-Аркадан кол айдап,
Түмөндөтө мол айдап,
Белгилүүдөн белди айдап,
Бет алуучу шерди айдап,
Чарпышаарың Семетей,
Колуң көзгө илинет,
Ар борумуң ушундай,
Душмандык жагың көрүнөт.
Тууган десе иш кылдың,
Туура жаман иш кылдың,
Тутанган башка күч кылдың.
Кыйла казак калкың бар,
Кыйынсынган баркың бар.
Кан Кекче уулу дедирген
Үмөтөй сенин даңкың бар.
Каралаша келгендин
Канын төкмөй салтың бар,
Эзелден бери элиң бар,
Асыл Алмамбет күтпөй качырган,
Жакынына, асылган
Атаңан бери салтың бар».
Деп, ошентип Семетей
«Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Өз убалың өзүңө,
Эмгегиң кара төбөңө!
Мааниси жок адамды,
Жай билбеген нааданды,
Жөнгө кирбес жаманды
Жакыным десе оңобу,
Жакшы адам жат болобу?
Жата берсең жаманга
Жалынса жанды коебу?
Куш экенсиң Үмөтөй,
Куш да сенден көп өөдө,
Куш да келет кекеге.
Ит да сенден көп өөдө,
Ит да келет ме-меге.
Кандыгым тартып турганым,
Кастык болуп калдыбы?
Бектигим тартып турганым,
Бейпайга сени салдыбы,
Кызыл алтын, кымбат зер
Кыйла жылкы, түмөн төө
Аздык болуп калдыбы?
Талап алып кайткыдай,
Ойбой, кызың урдум деп,
Опураңдап тарткыдай,
Кең Талас арзан жер бекен,
Кыргыз оңой эл бекен,
Семетей арзан шер бекен?»
Деп, ошентип Семетей,
Каарланып какайды.
«Акеркеч тууган сен элең,
Каныкей тууган мен элем.
Көргөн жерде асылып,
Жазайыл атып, жаа тартсам,
Жанагы арбак мени урсун!
Күч чыгардың күркүрөп,
Кызылдан айзаң доолаштың,
Кытайдан бетер жоолаштың,
Жамгыр кылып жаа төктүң,
Айтылуу мыш-мыш чын болсо,

www.bizdin.kg



Жана Кудай сени урсун!
Чын эбиңди кетирип,
Чын иттик кылсам мени урсун!
Кызыгып саа кол салсам,
Казагың камап олжо алсам,
Ак бараңдын чогу урсун!
Айлыңды талай баштасам,
Бир иттик кылып таштасам,
Ак милтенин чогу урсун,
Аккелтенин огу урсун!
Айылга чабуул чыр салдың,
Болбосо, бөлөм, сени урсун!
Төбөсү бүтө көк урсун,
Сен өңдөнгөн ант уулду
Төшү түктүү жер урсун,
Сенин кармашарың Каканчын
Кыргыз атаң сойдубу?
Кыямат кеткен Көкчө атаң
Серпишкени келипсиз.
Семетей колдуу болдубу?
Сенин атаң жеке эмес,
Каканга казат кылганда
Калдаңдаган алп өлгөн,
Албан түрлүү алп өлгөн,
Алышкан адам жалпы өлгөн,
Керилген эчен жан өлүп,
Кейиштүү мүшкүл ушундай,
Кер болгондун баары өлүп,
Менин кербен атам дагы өлүп
Кейиш болгон чоң казат.
Капыр менен бусурман
Кармашты катуу туш кылган,
Как ушинтип иш кылган,
Керимсел күйүп, кан өлүп,
Кез болгондун баары өлүп,
Ал эмине кылганың,
Кытайдан өткөн атаңдын
Кунун доолап турганың?
Кутургандай иш кылып.
Кана, бөлөм, кебиңди айт
Жана эмине кылганың ?
Алаңды ала качпасак,
Айлыңды талап жанчпасак,
Булаңды булап албасак,
Бузукту чогуу салбасак.
Жабыла кыргыз калк каптап,
Жан аябай мол каптап,
Айлыңды апат кылбасак,
Сенин ашкере журтуң кырбасак,
Күлчоро менен Канчоро
Эки шерди жиберип,
Сенин жаныңа жаңжал салдыкпы?
Сенин кыйырлуу белиң кыйратып,
Сенин кыйрыңа жаңжал салдыкпы?
Кагышты катуу кылам деп,
Калтырбай калкың кырам деп,
Кабар айттым кимиңе?
Баш тартса болбой бакылдап,
Ээ, Көкчө кандын жиндиси,
Көп тийдим сенин кимиңе?
Көлпөңдөй чыгып ак атып,
Тим жүргөн жанды тим койбой,
Тийдиң ээ мынча жиниме.
Кашатка салган там кыл деп,
Камап түшүп элиңди
Качан милдет кылгамын?
Сенин калкыңды бузуп, кан кыл деп,
Сенин айылыңа азап салбадым.
Ошо күндөн ушу күн
Сенин элиңден алым албадым,
Элкин жатса кол салып,
Ата, карын бөлө Үмөтөй,
Ашты го сенин жаңжалың!»
Деп, ошентип Семетей,
Колдо турду Үмөтөй.
Козголсо түшүп кетүүчү
Кордо турат Үмөтөй.
Жалынса кайра чыккысыз

www.bizdin.kg



Шордо турат Үмөтөй
Тамашага көп кыргыз
Батып жаткан кези экен.
Кеп белги оюн көкбөрү
Көп көрүнөө кыраандар
Тартып аткан кези экен.
Адам, каар салды бакырды,
Канчоро менен Күлчоро
А Күлүстөн Семетей
Эки эренди чакырды.
Эрин тиштеп, көз кысып,
Эл ичинде кыраанды
Эптеп жаңдоо кылды эле,
Жаадай учуп Күлчоро
Жакын келип турду эле.
Эрдин тиштеп калганы,–
Эптеп сал – деген жаңжалы.
Көзүн кысып алганы –
Бу дүйнөдөн жоголтуп,
Көөмп сал – деген жаңжалы.
Көй кыраанды көп балбан
Көз кысса салат көп жаңжал.
Сан түмөнду көп балбан
Шилтесе салат көп жаңжал,
Баш кесерде белгиси –
Добулбас кагып калганы.
Жалаң кылыч байланган
Жетти чуркап балбаны.
Уйту-буйту дегинче,
Ачып көздү жумганча
Сары кан, Бакай, Каныкей
Арачалап тургуча,
Келбеттүү кептен салгыча,
Келип жетип мобулар
Канын сурап алгыча,
Каарды катуу баштады.
Буйрук алган балбаны
Койбой басып Үмөтөй
Курмандыкка чалганы,
Башын кесип алганы.
Баш кесери башкача,
Кыйын кыргын салууга,
Кынжыдагы балбаны
Балбан бирөөн бошотсо,
Адамдын чыгат далдалы.
Башын кесип Күлчоро,
Абасы көкжал алдына
Тартуу кыла салганы,
Өз бөлөсүн өлтүргөн,
Семетейдин арманы,
Көкчө уулу Үмөтөй
Түгөнөөрдө кыраандын
Түз кирип жаңжал салганы.
Төрт-Күлдүн төмөн жагынан,
Төрөңүз Манас багынан,
Кайнардын кара көзүнөн,
Как чынардын өзүнөн,
Барт-Көлдүн маңдай жагынан
Баатыр Манастын минген тагынан
Ак болот курчун майлады,
Өчөшүнө тийди эле,
Өзү көкжал кара көк
Өз бөлөсүн жайлады.
Чатагынан Үмөтөй
Чабуул салып өттү эле,
Кетсе келгис чын жайга
Кайран эмең кетти эле.
Кечээ, ордосунан кеп угуп,
Оолукмалуу Каныкей
А бөлөсүн Семетей
Тындым кылды деп угуп,
Көңүлгө батпай көп санаа
Көкжал энең долунун
Көзүнүн жашы он талаа,
Бөдөнөдөй көзүнөн
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай көзүнөн
Камчы бою жаш кетип.

www.bizdin.kg



Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп.
Кабырга сөөктүн баарысы
Кат-катынан сөгүлүп,
Какшап ыйлап чыркырап,
Кайран энең буркурап,
Алтын таяк колго алып.
Алтын такты тебелеп,
Ашып-шашып энекең
Семетейди жемелеп:
«Ата балам, чиркиндин
Албууттугун карачы!
Өз бөлөңдү өлтүргөн
Өкүмү сенче жок деген.
Өзөлөнүп келгенде,
Өз жакынын жайлаган
Балам, өңгөчө сендей жок деген!
Чунайган жалгыз оңбойсуң,
Ар качандан бир качан
Эрдигиң неге койбойсуң.
Туу казына чунагым,
Ата, өрттөнгөн уулум оңбойсуң.
Өз бөлөңдү өлтүрүп,
Учмактуу уулум, оңбойсуң.
Ар качандан бир качан
Канкорлугуң койбойсуң,
Канзааданын мыктуусу
Бөлөсүн соер жөн барбы?
Кокуй, уулум, ачып көр,
Мен кирүүгө көр барбы,
Айта берсем болбойсуң,
Көңүлгө кандай иш түшсө,
Кокуй күн, уулум койбойсуң!
Таежекең Акеркеч
Каргаса сени оң кылбайт,
Каран күн, уулум соо кылбайт!
Жакынын кайсап сойду деп,
Бөлөсү келсе өлтүрүп,
Бөлөкчө кылып койду деп,
Кабарың калк укпайбы!
Калың казак кайран эл
Капталдан каршы чыкпайбы!
Кыргыз жердеп жер кылган
Ак адырмак тооң көп,
Ата, балам, кулунум,
Сенин аңдып жүргөн жооң көп.
Калың казган ор да көп,
Кайнатып койгон шор да көп,
Кыйналган дүмөк кол да көп.
Адам айтпас кебине
Акыры уулум көнбөгүн,
Сураганын бербегин.
Айтканына көнсөңүз,
Сураганын берсеңиз,
Тутанып өлгөн казак журт
Туш-тушка кабар берүүчү,
Саа тушуккан душман келүүчү.
Төбөңдөн топтоп басуучу,
Сенин төрт түлүгүң чачуучу.
Тууганың болуп душманың,
Көбүнчө угуп тилим ал,
Ичимде калат бушманым».
Энеси мындай сөз айтты
Бая берен энең Каныкей
Белгилеп алып кетти эле.
Олуя чалдын Бакай кан
Аксакалы суюлган,
Эки беттен аккан жаш
Чиркин, акырек ылдый куюлган.
Кубарып сакал чубалы,
Кузгундай көзү кызарып,
Көөдөнү кирилдеп,
Көзү калган ириңдеп.
Карыганда Бакайдын
Артык көкжал арыслан,
Абаң Бакай даанышман.
Көптү көргөн олуя,
Көп жашаган карыя,

www.bizdin.kg



Бакай келди күүлөнүп,
Ботом, Семетейге сүйлөнүп:
«Ата, ой кулунум, Семетей,
Кудай таала кылганды,
Бекер балам өлтүрдүң
Эр Үмөтөй тууганды.
Акыры бир күн өлөрсүң,
Айткан ушак чын болсо,
Ак буюмун такалап,
Кыямат күнү жакалап,
Канын доолап турганда
Бир күн балам өлөрсүң.
Кайра тартпас чын жайды
Кадыр Алда көрөрсүң,
Канын доолап барганда
Таңдын магшар күнүндө
Эмине жооп берерсиң?
Бу дүйнөдө мендеси
Өлбөчүдөй жутунат,
Эки күндүн бири өлүм,
Чиркин жан, кайдан кутулат,
Жети күндүн бири өлүм
Жараткан буйрук кылганда,
Берииште беш кол сунганда,
Жан алуучу жалаңкыч
Жакын келип турганда
Сүйлөбөй тил тутулат,
Бу дүнүйө жалгандан
Кандай жан качып кутулат?
Батырбай койбос казган көр,
Жоготбой койбойт кара жер,
Бу дүнүйө соодагер,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай болот дүйнө бок.
Алдырып салган калың кол,
Жыйнап алам ушу жол.
Сары-Арканы жердеген
Салмакташып жеңбеген,
Салыкты жыйып алалы,
Кепти ортого салалы,
Тапкычташып табышып,
Кыйгачташып куушуп,
Өрнөк сөздөн баштайлы,
Өлөрман кепти тебелеп,
Сууга салып таштайлы.
Келчү кепти баштайлы,
Кежир кептин баарысын
Сууга салып таштайлы.
Калыстан дөөнү алалы,
Кепти ортого салалы.
Үч жүздүү уулу казакка
Дегенине көнөлү,
Астыңкы жол чаңдатып,
Бар дүйнөнү камдатып,
Үмөтөй кунун берелик.
Дагдыр болду, жетти деп,
Оройлуктан иш болуп,
Улугуң өлүп кетти деп,
Казакка кеңеш салалы.
Дегенине көнөлү,
Үмөтөй кунун берели.
Кең Сары-Арка, Ала-Тоо
Этектеш жаткан жер эле.
Казак, кыргыз кайран журт
Койлору бирге короолош,
Аштары бирге жороолош
Айылдаш жаткан эл эле.
Айткан сөзгө көнөлү,
Чатакташпай, чырдашпай
Үмөтөй кунун берели!
Акыл билчү карысын,
Алым журттун баарысын
Ашкере акыл кылалы,
Эл чатагын тыялы.
Дегенине көнөлү,
Каның карап болду деп,
Үмөтөй кунун берели.
Чатакташпай, чырдашпай

www.bizdin.kg



Жатык кептен салалы,
Адырдан аккан булактай
Жошулушуп алалы.
Ак бөкөндүн кылындай,
Суурулушуп алалы,
Ободогу жылдыздай
Козголушуп алалы.
Каталык кандан кетти деп,
Караңгы сөздөн салалы,
Бөлөк журтум ушинтип
Ишендирип көрөлү,
Миң карача бээ айдап,
Сатуусуна берели.
Миң кара кашка төө алып,
Тартуусуна берели.
Элине салам айталы,
Беренин алдап алалы,
Чатак кылып, чыр кылбай
Кайран журтум, баарысын
Жер-жерине салалы!»
Жетик Бакай муну айтып,
Карган Бакай төрөнүн
Каны Манас барында,
Калыстык кылган неменин
Журт чуркурап макул деп,
Улугум Бакай көкжалдын
Бул айтканы акыл деп.
Эл-журт уюп калды эле,
Баатыр көкжал Семетей
Ал Бакайдын кебине
Макулдашып алды эле.
Зор кыямат болгуча
Кан ичип жүрүп көрөмбү,
Семетей канкор дедиртип,
Ар качандан бир качан
Ушинтип жүрүп өлөмбү?
Карын бөлөм өлтүрүп,
Мындай Кудай урарбы!
Өлгөн карын бөлөмө
Кунун бербей турарбы»,
Деп, ошентип Семетей,
Кызыл куйрук нар айдап,
Кыйла кымбат мал айдап,
Ар куйругун өрдү эле
Казына оозун ачты эле.
Дорбого алтын салдырып,
Кымбат нарга арттырып,
Ком арканын оңдотуп,
Ошол нарга арттырды.
Таежеси Акеркеч,
Акеркечке тарттырды.
Үмөтөйдүн сүйөгүн
Келинге кете* кийгизип,
Кетеченин этегин
Кең кылып жерге тийгизип
Кызга кызыл кийгизип,
Кызыл кымча кымкап тон
Кымбат тондун этегин
Кыйгачтап жерге тийгизип
Кайран бөлөм өлдү деп,
Кайра келбес чын жайды
Кайран киши көрдү деп.
Асманга учту топурак,
Адам кайнап топурап.
Аз гана эмес, мол болуп,
Азар түмөн кол болуп,
Үмөтөйдүн сүйөгүн,
Замзам* менен жуудуруп,
Зарбар* менен буудуруп,
Ырчыларга мактатып,
Ыйыктарга сактатып,
Кымыз менен жуудуруп,
Кымкап менен буудуруп,
Билгичтерге мактатып,
Кожолорго сактатып.
Ал таежем Акеркеч
Кокус каргап коер деп,
Каргаса жанды соер деп.

www.bizdin.kg



Бу бөлөсүн өлтүргөн
Эр Семетей чиркинге
Жаман мүшкүл болор деп.
Кечээ, атасы Манас айкөл, шер
Артык чыккан курган эр.
Кокондогу кожону
Кордоп Манас турганда,
Букардагы муңчуну
Бузуп айкөл кырганда,
Аккуласы баспаган
Жерде бүтүн калбаган,
Айкөл колу тийбеген
Элде бүтүн калбаган.
Жерди курчап темирдей
Ээлеп турган кезинде,
Ай-ааламды буй кылып,
Жөөлөп турган кезинде,
Алп-дөөлөргө кан Манас
Ээлеп турган кезинде,
Каканчынын кагышта,
Капыр менен бусурман
Карсылдашып барышта,
Серүүнү серпил бүктөлдү,
Сексен нарга жүктөлүү,
Кол каруууга чапталуу,
Акыйнек менен капталуу.
Адейилеп Какандан
Алып келген каранды ай
Бек тапшырып, зар ыйлап,
Бекем каткан Каныкей.
Берени Семетейге арынап,
Белек кылып алсын деп,
Беренинин буюмун
Мураа кылып кулунум
Казынага салсын деп.
Нур төгүлгөн Бээжинден
Улугу турган жеринен,
Кырка чынар багынан,
Кары кандын тагынан,
Жан кирбеген дубалдан,
Тартуууга келген булардан.
Олжого тийген он килем –
Аркагы жибек, өзү алтын,
Алтын түрлүү зор килем.
Кырк жыл суууга чыласа,
Кылайып чирип оңбогон,
Сексен жыл суууга чыласа,
Серпилип чирип болбогон.
Күлдүү алтын жибекке
Аземдеткен зор килем.
Кымбатым, мындай угуп ал!
Бир килемдин өз баасы –
Сегиз миң нарлык куну бар.
Атасы анас каркыбар
Казынада нелер жок,
Килемдин мынча баркы бар,
Артыкча балам алсын деп,
Бузбай-чачпай караанды
Мураа кыла салсын деп,
Эрмек кылган жалгызым
Казына кылып алсын деп.
Какан камап турганда
Каалап берген чоң килем.
Кара жанга кабылбас,
Буттап алтын зер чачса,
Бул мендеге табылбас.
Өзү кымбат, баасы алтын,
Бетинде алтын түрү бар,
Жонунда жолборс күлү бар,
Керсең мындай баркы бар.
Көп ылайык килемге
Асемдетип таңдырып,
Үмөтөй сөөгүн салдырып,
Тасмалдатып каранды
Асемдетип таңдырып,
Кожолорго жуудуруп,
Асемдетип буудуруп,
Табытына салдырып,

www.bizdin.kg



Килемге таңа салдырып,
Орто белин бүктөтүп,
Ойдо аянбай бөлөм деп,
Бөлөмдү кайдан көрөм деп,
Тирүү калбай тим эле
Бөлөм үчүн өлөм деп,
Белден кармап бүктөдү,
Ардай болгон Буурулга
Асемдетип каранды
Үмөтөй сөөгүн жүктөттү.
Жүктөп берип ийген соң,
Келгендерден кеп укту.
Эр Күлчоро кыраан кул
Сөөгүн жүктөп казакка
Эми Буурулду берди деп укту,
Угуп алып Чоронун
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа.
Атасы Алмаң өлгөндөй
Калк чогулуп, журт дүрбөп,
Ушу бүгүн көмгөндөй.
Бадана тонун чойгулап,
Келген экен Күлчороң
Башын өзү койгулап.
«Кокуй, аба кабылан,
Эрдигиң бар, эсиң жок!
Энөө канкор, оңбой кал!
Баатыр, эгерде эки болбой кал!
Бөлөң менен чырдашып,
Колуңа берсем көрдүңбү?
Атадан калган мураапы
Ардай болгон Буурулду
Сөөгүн жүктөп бердиңби?!
Муңканып жүрүп өлөрсүң,
Төрөм, Буурулду кайдан көрөрсүң!
Арман кылып өлөөрсүң,
Атыңды кайдан көрөрсүң!
Арбуурулдан айрылып,
Бир чымындай жаныңды
Буурул ат ай деп кайгырып,
Чын кейиш менен өлөрсүң.
Согончогу бир тутам
Чочкого бутуң артарсың,
Чочкоң жүрбөй турганда
Чоң мүшкүлдү тартарсың.
Багалчагы бир тутам
Бакага бутуң артарсың,
Ардай болгон Буурулдун
Азабын анан айтарсың!
Көргүлүктү көрөрсүң,
Көрүшкөн жаман жоо келсе,
Көп мыталак доо келсе,
Жазайыл атып, жаа тарткан,
Жан аябай жоо келсе,
Ээр токумуң көтөрүп,
Барбаңдап жөө каларсың.
Батыра айза бир урса
Астыңда канат атың жок,
Өлүм болуп жатарсың.
Алдоого берип атыңды,
Көрбөдүм сендей баатырды.
Буура көкүл, тайкы жал
Буурул ат колдон кеткени,
Ата, кокуй, төрөм оңбой кал,
Сенин эми ажалың жеткени!
Дарс окуган сабатың,
Буурул ат сенин канатың.
Канатыңан кайрылып,
Буурул аттан айрылып,
Арам өлмөк экенсиң,
Ата, акылы жок күлүстөн
Эми сен арам өлмөк экенсиң!
Куркулдап кузгун учпаган
Чөлдө калар бекенсиң?
Ээленип адам баспаган
Белде калар бекенсиң?
Жазайыл атып, жаа тарткан
Жоодон өлөр бекенсиң,

www.bizdin.kg



Ата, төрөм кабылан,
Бок жыттанган сасыктан,
Мээ кайнаган ысыктан,
Ат баспаган кысыктан
Азабыңды тартарсың,
Арманда болуп жатарсың.
Эсил көкжал күлүстөн,
Каралды кылып өзүңдү
Канкор төрөм нетемин?
Кызыталак бу жайдан
Тозогуң тартып күлүстөн,
Томсоруп бир күн өтөмүн.
Буурул кетти, иш кетти
Билсең бизден бүт кетти!
Калып бакты, чын ырыс
Карасаң бизден күч кетти.
Минген алтын так кетти,
Жылоолуу Кыдыр бак кетти.
Булуттай учкан Буурулду
Кунга берген оңорбу,
Эми төрө кабылан,
Эгерде ишиң эки болорбу!
Эселек канкор, оңбой кал,
Душман жетер түбүңө,
Буурул колго тийгенде
Туш-туш жакка кат тийип,
Сары-Арка салар бузукту,
Буурул тийди колуна
Көп казак салар кызыкты.
Кокуй, канкор, оңбой кал!
Караан кылган бириңден,
Айрылдың чоро иниңден,
Канчоронун кастыгы,
Эрдигинин аздыгы,
Эченден бери билинген.
Ата, кокуй канкор, болбой кал!
Үмөтөй сөөгү барганда
Буурулду кармап сойбойбу,
Сойбосо да Буурулду
Кырк аркан бою зындангa
Бастырбай салып койбойбу.
Ай-ааламга кат берер,
Атынан жөө кылдык деп,
Кат берсе да бат берер.
Аңдып жүргөн менде көп,
Бизде айбаты душман эл да көп.
Адыр-күдүр тоо да көп,
Аңдып жүргөн жоо да көп,
Казылган калың орум ай,
Кайнатылуу шорум ай!
Эселек канкор, оңбой кал!
Эми салдың сонунду,
Душманга байлап берипсиң
Кыймылдатпай колумду.
Канаттан бөөдө кайырып.
Кеңеште жок, кепте жок,
Буурул аттан айырдың,
Көргөздүң көзгө сонунду,
Ким уксун мындай жообуңду,
Канчоро кылар кообуңду
Эзелде төрөм, оңбой кал,
Кара адырмак тообуз көп,
Кармаша чыгар жообуз көп,
Кокуй, төрөм, оңбой кал!
Сенин оң жагыңда орус бар,
Кыр жагыңда кытай бар,
Маңдайыңда бараң бар,
Биз менен баштaшчу жоо далай бар,
Жети-Өзөн толгон мунуң бар.
Чиркин, желикпей көкжал, угуп ал,
Билсең мындай баркы бар,
Калп эле көзүн кыскaнда
Ичибизде душмандар,
Каарды катуу салчу бар,
Кармалашып, жоолошуп,
Душман болуп калчу бар.
Эзели төрөм, оңбой кал!»
Деп, ошентип Күлчоро,

www.bizdin.kg



Баш койгулап кыйкырып.
Буурул аттан айрылып,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Чын жайды бүгүн көрдүк деп,
Чын эле төрөм, өлдүк – деп,
Азапты мүшкүл көрдүк – деп.
Кош эмесе, кабылан,
Азап күн, төрөм, өлдүк – деп.
Буурул колдон кеткени –
Бу шумдуктун жеткени.
Арбуурул быйыл кеткени –
Сенин ажалыңдын жеткени,
Менин амалымдын кеткени,
Сени душман жайлап салганы!»
Деп, ошентип Күлчоро,
Кан качып, өңү суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Капырай, акырек ылдый куюлуп.
Чындап ыйлап бүгүлүп,
Чымындай жандан түңүлүп.
Капа болуп кайгырып,
Караан кылып отурган
Арбуурулдан айрылып.
Атаганат дүнүйө,
Айбан да болсо Буурул ат,
Буурул ат колдон кеткенге
Менин аманат жаным куурулат.
Буурул ат тулпар – бууданым,
Айбан да болсо Арбуурул
Атамдан артык тууганым.
Арманын айтып Күлчоро,
Боздоп кошуп калыптыр.
Оңжоңдогон каранды
Сөөгүн жүктөп Үмөтөй
Олжо кылып алыптыр.
Белден кармап бүктөптүр,
Буурулга Үмөтөй сөөгүн жүктөптүр.
Сөөктү жүктөп барганда
Акеркечке тийиптир.
Ошондо катын Акеркеч
Уруучу Кудай уруптур.
Уйпалып кеткен капыр күң
Семетей каргап туруптур.
Акылман катын Акеркеч
Бүт казакты жыйыптыр,
Мындай кепти уруптур:
«Кабарыңда бар беле,
Сары-Аркада казактар!
Үмөтөй каның өлүптүр,
Түпкө нечак жетиптир,
Муну киши өлтүрүп кетиптир.
Кең Талас барып конуптур,
Көкжал колдуу болуптур.
Береги кишинин тону тон болбойт,
Кишинин аты ат болбойт.
Алтындан өрө таккыла,
Онжоңдогон каранга
Так он эки чылбыр каткыла.
Бекиткен чидер тапкыла,
Муну караңгы жайга баккыла!
Билген чыр кылып тургула.
Эки кулак укпасын,
Коргошун ээритип куйгула,
А кулактын үстүнөн
Тасмал менен буугула.
Ээлигип турган Буурулду
Эшекке жеткис кылгыла,
Алтымыш окто каткыла,
Алтымыш чылбыр таккыла.
Төрт бутунун муунуна
Он эки ийне каккыла,
Чогойно аксак болгон соң,
Муну кербенчи сартка саткыла.
Эсебин минтип тапкыла,
Ителеп иттей баккыла.
Жилик албай оорусун,
Так жетимиш жери жоорусун!

www.bizdin.kg



Бу канкордун Буурулу
Каны калсын бир кашык,
Эти калсын көк жашык.
Эки көздөн май кетип,
Ородой болуп оюлсун.
Ойронуңдун Арбуурул
Так ошентип жүрүп союлсун.
Арам өлүп жыгылсын,
Аңгекке башы тыгылсын.
Кузгун куран окусун,
Сагызган көзүн чокусун.
Коң этин бөрү дагы ойсун,
Жон этине жон жору чокуп
тоюнсун!
Алты күлүк ат бергин,
Аты мындай болгон соң,
Жети-Сууну жердеген,
Желигип менде жеңбеген,
Өлбөй тирүү калбаган,
Агасы Толтой кыраанды
А Семетей жайлаган.
Буурулу жок колунда
Бузукту жаман салсын де.
Толтойдун өчүн алсын де,
Төбөсүнөн бассын де,
Казатка минер аты жок
Төрт түлүгүн чачсын де.
Буласын булап кирсин де,
Жер-жерин көздөй сүрсүн де,
Билген чырын кылсын де,
Күлчоро баштап буларды
Калтырбай баарын кырсын де!

Тайбуурулдун кулагына коргошун куюп, бутун аксаткандан кийин Акеркеч Кыязга кабар берип, бир жагынан Канчоро чыккынчы болуп, Семетейдин жоголуп кетишине себеп болушту.

Кыргынды кызык салсын де,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарсын де,
Чатак сүйлөп минтсин де,
Бир бокчосун тинтсин де.
Кармалашып көрсүн де,
Кан Толтой кунун кубалап,
Тирүү калбай тим эле
Кезети келди, өлсүн де!
Керишти кенен салбаса,
Толтой өчүн албаса,
Кан экени кайда экен.
Калкайып басып жүргөнү
Кай эренге пайда экен?»
Деп, ошентип Акеркеч,
Туш-туш жерге кат берип,
Туура Кудай эми урду.
Оңбогон Эркеч оңбоду,
Эркин жаткан жедигер,
Жедигердин эр Кыяз
Делебесин козгоду.
Кабарда катуу кеп угуп,
Бууданынан Семетей
Айрылып калды деп угуп.
Баабединин бат айтып,
Айтуякка ат айтып,
Корошонго кой айтып,
Жедигерге төө айтып,
Калк дүрбөтүп, журт жыйып,
Калк белендеп кол жыйып,
Калтырбай колду мол жыйып,
Кыйгак айза кыйдырып,
Тоодой айза жыйдырып.
Көп жедигер болжолу,
Жер жайнаган сан колу,

www.bizdin.kg



Айза сайчу ыктуусу,
Атышка камбыл мыктуусу
Аябай эми алыптыр.
Эл чогулуп, журт дүрбөп,
Муну Кудай уруп салыптыр.
Жети-Өзөндө жедигер
Кеп кеңешип, чуу кылып,
Жер жарылган дуу кылып.
Улуктарын, кандарын,
Ушунчалык жандарын,
Төрөсүнгөн ыктуусун,
Кара көңүл Кадырбай
Кагышты көргөн эрениң,
Айзакерчи даңгылын
Койбой жыйып эр Кыяз
Ошончо элдин баарысын,
Асманга учуп топурак!
Аскер кайнап топурап.
Керней-сурнай тартылып,
Керишке кеп эл чатылып.
Улуктары, кандары,
Ушунча толгон жандары,
Каруусу мол капыры
Калбай келип турду эле.
Жети-Сууда жедигер
Желпинте чогуу жыйды эле,
Кетсең шумдук ушундай
Түмөндөтүп кол жыйнап,
Бу түгөнгүр мол жыйнап,
Кандан кабар келди деп,
Качпай-шашпай жедигер
Ит ооруңду карматып,
Камчы болсоң жедигер,
Калжырап бокту жедиңер.
Эки-экиден сүйлөшсө,
Жана эмине дедиңер?
Акылыңан шашпагын,
Белгилүү канкор көкжалдан,
Беттеп чогуу кирели,
Асман жарган чуу кылып,
Айлына азап салалы.
Кызыталак канкордун
Так кыйрын талап калалы.
Кереге, талын кыйратып,
Келин-кызын ыйлатып,
Жайдын күн кылбай, кыш кылып,
Аяк жагын күз кылып,
Элин кырып түз кылып,
Уясын бузуп салалы,
Улук журтун талкалап,
Кызыталак канкордун
Уясын бузуп салалы,
Урушту мыкты салалы,
Ал Акеркеч катындын
Айткан кеби чын болсо,
Төгүнү жок тың болсо,
Атынан көкжал айрылса,
Арбайып канкор жөө калса,
Текши калбай эрен уул
Тегеректеп калалы,
Кара көңүл канкорду
Карсылдакка алалы!
Каран күн, мүшкүл, чоң жаңжал
Ал канкорго салалы!
Бир эле Толтой эр эмес,
Жети эрдин кунун алалы,
Жер жайнаган жедигер,
Жер майышкан кол болуп,
Азгана эмес мол болуп,
Айгай кулак тундурган
Азар түмөн кол болуп,
Канкорго согуш салганда
Атсыз калган анткорду,
Ааламды кырган канкорду
Канына казат салалы,
Калтырбай талап алалы.
Түгөл журтун кыралы,
Түк койбой кызык кылалы,

www.bizdin.kg



Казынасын булайлы,
Бир бокчосун чубайлы.
Андай-мындай минтели,
Калган булун тинтели.
Кара жолтой канкордун
Белдүү Бакан карысын,
Кыйраталы баарысын.
Бакай тийсе көрөлү,
Көкбөрү тартып балбанга
Тамашага берели.
Акыл тапчу карысын,
Алек кылып баарысын,
Баатырларын байлайлы.
Канчоросун кан кылып,
Күлчоросун кул кылып,
Бери карай айдайлы!
Канын карап кылалы,
Калтырбай журтун кыралы.
Катын-кызын кыңшытып,
Олжолоп алып тыналы.
Элине бейпай салалы,
Бек жаңжалды ачалы.
Бейилсинген төрөнүн
Берекесин чачалы!»
Деп, ошентип эр Кыяз,
Кайраты бар, кең далы
Шерди жыйып алыптыр.
Көйрөңүрөөк таш жүрөк
Эрди жыйып алыптыр,
Ак буудай унун чайнашып,
Аянган мындай болсун деп,
Келеме шарып кармашып.
Өлүүчү антты кылышып,
Бир чыбыкты эл башчы
Антка ортого кыйышып.
Албан түрлүү балбанын
Алган экен жыйышып.
Күүлөнүп кеп башташып,
Күчсүз алсыз жаманын
Санга кошпой таштašып,
Кымыз ичип кызышып,
Чекеден терди сызышып,
Эң бир түрүн бузушуп,
Арак ичип алкынып,
Аркыраган кайран журт
Сөөк терин сызышып.
Ууга кирди жедигер,
Бирөөн-бирөө жамандап,
Чууга кирди жедигер,
Эмгектешип келгенде,
Эсеби жок жоо келсе
Эңтере сайып салдым деп,
Эр Толтойдун барында
Мен да эрендин даамын алдым деп,
Мактанганы мындан көп.
Түлөнчөнү түз жерден
Түп тегизе сайдым деп,
Мен да эрендик кылып салдым деп,
Мактанганы мындан көп,
Келген колдо бедер жок,
Бул колдордун ичинде
Нелер бар да, нелер жок.
Жедигердин болжолу –
Жер жарылган сан колу
Ырсаңдашып калыптыр,
Ырас эле мактанган кептен
салыптыр.
Адам турмак айла жок,
Кой сой – десе, антаңдап,
Колун кесип тамтаңдап,
Кокуйлары дагы бар.
Мында түк эчтеме көрбөгөн
Сокурлары дагы бар,
Айла таппай иш кылган,
Ал жедигер ичинде
Олоктору мындан көп.
Колу түшүп, буту бар
Чолоктору мындан көп,

www.bizdin.kg



Түндө эшикке чыкпаган
Коркоктору дагы бар,
Айбалта жаза чабуучу
Чоркоктору дагы бар.
Акылдан кетип, эс танып
Шашчулары дагы бар,
Айгай чууга киргенде
Аттан түшүп былк этпей,
Жатчулары дагы бар,
Элтең уруп антаңдап,
Шашчулары дагы бар.
Айза көрсө айлына
Каччулары дагы бар.
Туу түбүнө туруучу
Эрендери дагы бар.
Жоо айласын куп билген
Берендери дагы бар,
Уздан чыккан сынчы бар,
Кызыл канга бөлөнсө,
Кайкалабай, кайкайбай
Туу түбүнө турчу бар.
Артык да бар, албан бар,
Ар жаңжалды салган бар.
Бука булчуң, буура сан
Булкунса түптүз кууратткан,
Так ушундай эрен бар.
Талкандан кайра тартпаган,
Өлүмдөн кайра кайтпаган
Жоо десе, качан болот деп,
Каткырыгы бураган,
Мал сурабай Кудайдан
Келтектешип урушкан,
Келишкен чырды сураган,
Чуулгандуу эрен бар.
Көп чогулуп, кыйла жан
Көп жаңжал болот, болгун таң.
Кокту чаңдап, ой-тоо чаң,
Билбегендер болду таң.
Жети-Сууда жедигер
Жер майышып чуу туруп,
Жетип келип турду эле.
Жедигердин эр Кыяз
Калың колдон чочунуп,
Жоо дегенде сүйүнгөн
Жолборско чалыш уул экен.
Толукшуган кысталак
Тоо торуну токунуп,
Өлө турган ант кылып,
Өңгөчө ишти билгизип,
Жедигерге чуу кылып,
Жалгыз ооз кепке киргизип.
Корошондуу жедигер
Койбой жыйып алды эле.
Тоо, өзөндө жедигер
Токтотпой жыйып алды эле.
Кайран Кыяз канетет,
Казандай кара бөркү бар,
Ай-ааламдын баарысын
Соро турган эрки бар.
Жедигердин эр Кыяз
Аты угулган баркы бар,
Ай-ааламга билинип
Анын да атагы чыккан каркыбар.
Жоого качкын эр Кыяз
Ыктуулугу бар эле,
Жоо айласын билгенге
Мыктуулугу бар эле,
Көгөрүм суунун оюна,
Чоң өзөндүн боюна
Адам уккус кеп кылды,
Мына ошондо эр Кыяз
Убаданы бек кылды,
Журтум, эл өөдөгө тартаарда,
Ат кара тил мезгилде,
Жер айрылып, чөп чыгып,
Чечекей күлдөп толгондо,
Жан-жаныбар тукумдап,
Уясында болгондо,

www.bizdin.kg



Ат ээлигип ык болуп,
Саамал, кымыз мол болуп,
Ал кымыздан ичкен соң
Эр ээленип бук болуп,
Идерлүү жигит, күлүк ат
Пайдасы тиер чак болуп,
Баатырга анан баралы.
Эл өөдөгө тартарда,
Кандуу жайлоо толгондо,
Кагышчу кезек бул кезек,
Элкин конуп алактап,
Эл талаада болгондо
Табылгы күлдөп, көк толо
Ойду-тоонун баарысы
Айбанга азык чөп болот,
Анан согуш салалы.
Маңдай-тескей болушуп,
Ал жетбести ал жетер
Кармап алып союшуп,
Балтачанды утушуп,
Чамасызды чамалуу
Басып, жанчып, жутушуп
Атышты анан салалы.
Абам Толтой чоң кунун
Андан кийин алалы.
Кыйындап кыргын салалы,
Эр Семетей баатырдын
Кытайдан келген көп дүйнө
Өзүбүз басып калалы.
Дүмөктүү катын Чүрөктү
Чүрөк эмес, ал бейбак
Ааламга салган дүмөктү,
Кермаралдай чоюлган,
Ал Чүрөктүн айынан
Алптын баары кырылган.
Кызыл көйнөк, айча бел,
Кылтылдаган капырды,
Кесири журтту кыйраткан,
Кереметтүү капырды,
Чынкожо, Толтой кан өлгөн,
Кезиккендин баары өлгөн.
Кесиреттүү капырды
Семетейин өлтүрсөк,
Айчүрөгүн алалы.
Тоюна токсон соелу,
Чүрөк десек, дүмөк дээр,
Атын бөлөк коелу.
Арка чачын өрөлү,
Алтымыш келин, бир жүз кыз
Айчүрөктүн кадырын
Артыгыраак көрөлү.
Тобуна тозок салалы,
Айдай катын Чүрөктү
Олжо кылып алалы.
Ал жетпесе канкорго
Кыйынбыз, карыбыз
Кыргын тийген немедей
Кырылалы баарыбыз.
Дүпүлдөшүп турушуп,
Дүмүрөңдөп урушуп,
Койдой кордук салышып,
Койгулуша калышып,
Койбой кыргын салалы.
Койкойгон сулуу Чүрөктү
Олжо кылып алалы!»
Деп, ошентип эр Кыяз,
Калк чогултуп, эл жыйнап,
Кара доо салып, журт кыйнап,
Безене белин бууйм деп,
Толтой кунун кууйм деп,
Журт дүрбөтүп, чыр кылып,
Куйкаланган кутургур
Кулжуңдады Эр Кыяз.
Токол кара букадай
Мулжуңдады эр Кыяз.
Семетей алып койчудай,
Кармашканды сойчудай
Адам, чулжуңдады эр Кыяз.

www.bizdin.kg



Кең-Жети суу баткалда,
Кайкалаган жедигер
Эл-журт ыргап жатканда
Ушинтип эсирген экен эр Кыяз.
Эсире турган себеби –
Түштүгүнө жегени –
Кысыр эмди тай-тайлак,
Жана журтту билет тайтаңдап.
Эчкинин тоңгон майын жейт,
Ата, куйкаланган кутургур
Эл-журттун кысыр тайын жейт,
Кымыз ичип, кыз ойноп,
Жайдын жыргал айында,
Жети-Өзөндө жедигер
Алман-алык жеп турат,
Бакылдаган Кыяз кул
Балакет кайда деп турат,
Кантты кардай кемирген,
Баглан козу, ширин баш
Козу этине семирип,
Кез келгенди жеп турат,
Кутурганда эр Кыяз
Балакет кайда деп турат,
Улукманын, карысын
Жыйган экен эр Кыяз,
Жедигердин баарысын.
Баатырларын, кандарын
Баарын жыйган кез экен,
Албан түрлүү жандарын.
Ал жедигер элинде
Кыяздан мыктуу каны жок,
Жети-Өзөндө жедигер
Кыймылдоого алы жок.
Өкүрөңдөр шайман жок,
Кайран Кыяз көкжалга
Кайрат берер дарман жок,
Бир айкырса, жедигер
Жоо кайдалап бакырып,
Жедигер келип топтолот.
Бир кыйкырса, эр Кыяз
Канга эмине болду? – деп,
Кабарса жанды сорду деп,
Качып-үркүп жок болот.
Мендеден ашык заары,
Берен экен эр Кыяз
Мендеден мыктап туулуп,
Калган экен эр Кыяз.
Жакындап келип жедигер
Бир жан назар салбаптыр,
Уйпаланган доңузга
Укурук кайрар калбаптыр,
Кыяз турган кан болуп,
Кыяз төрө кыйкырса,
Жедигер калат дал болуп.
Семетейди чабам деп,
Айтып Кыяз күүлөнүп.
Албан түрлүү сүйлөнүп,
Ажыдаардай түрлөнүп.
Арандай оозу ачылып,
Эр Кыяздын оозунан
Шыркырап өрт чачылып.
Кыбыр эткен бир жан жок,
Жедигер оозу басылып.
Көрүп турган жедигер
Көзү кетип алактап,
Көкжал жакшы болот – деп,
Кайра айтпай алактап,
Каарына чыдабай,
Эр жедигер караптап.
Ошо кезде Кыяздын
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Жедигерге калганда
Аласкар тоодой баркы бар,
Эр багыштын кенжеси
Туулган экен каркыбар.
Сүйлөгөндө жан чыгат,
Каңыртынан чаң чыгат.

www.bizdin.kg



Кайратынан жөн эле
Качып-үркүп жан чыгат.
Жети-Өзөндө жедигер
Кыймыл уруп кылк этпей,
Кутургур турду бакырып,
Кулак силкип, былк этпей
Каарланып бакырса,
Калайманды баштачу.
Жети-Өзөндө жедигер
Мады түгүл жанынан
Такыр кечип таштачу.
Көкжал эле, шер эле.
Көрсөң мындай эр эле.
Эр Толтойдон эр Кыяз
Эпсиз болду дээр эле.
Ааламдан чыккан ыктуу эле,
Айбаты кымбат, заары күч
Аянбаган мыктуу эле.
Журт короолоп, эл толуп,
Калык жайнап, чуу болуп,
Калк чуркурап турганы,
Жедигердин эр Кыяз
Желигип Кудай урганы.
Журт ошентип турганда,
Журт кырылып кетпеске
Билгичил эле,  шер деле,
Элге башчы эң чечен
Эр Төлөбай дээр эле.
Эр Төлөбай, Кадырбай
Бирөө Калчанын уулу Кадырбай,
Бирөө Төлөктүн уулу Төлөбай,
Төрөлүү журттун мыктысы.
Бер жагында Кадырбай
Калың элдин ыктуусу.
Мурда бир жыл жедигер
Желигишип жыйылган,
Эчен балбан, эчен эр
Бир жесир үчүн кырылган,
Ошондо корккон эки эр.
Тилге чечен, кепке уста
Даңгылдыгы дагы бар,
Жоо бөрүсү эки эрдин
Камбылдыгы дагы бар.
Кеп айласын билүүчү
Даңгылдыгы дагы бар,
Уска сөзгө ыктуулар,
Урушка кирген мыктуулар,
Кыйла жылы өлүшүп,
Кыйла канды төгүшүп,
Жетик айза алышып,
Желеден айгыр минишип,
Акалашып салышып,
Абдан кыргын болушкан.
Ай-ааламды бөлгөн кул,
Атыш, кыргын көргөн кул,
Кечээ жыйнаганын чачканда,
Семетейден качканда
Корголоорго жер таппай,
Жайдын күнү болгондо
Жалдуу байтал мине албай,
Күздүн күнү болгондо
Куйруктуу козу жей албай,
Кулжуңдашып салышып,
Куруп качып келишкен.
Тоодой Толтой, Чынкожо
Семетейге беришкен.
Токту майын тоң көргөн,
Тозокту жаман чоң көргөн.
Коркуп калган эки бек
Эр Кыязга салды кеп:
«Кокуй, Кыяз, не дейсиң?
Бу кебиңди ким уксун,
Ай караңгы түн уксун,
Аскасы бийик зоо уксун,
Асман жарган чуу уксун,
Түбү жок кара суу уксун,
Казылган чуңкур ор уксун,
Капкараңгы көр уксун,

www.bizdin.kg



Төшү түктүү жер уксун!
Жедигер жыйнап, кан болуп,
Этейин деген экенсиң,
Жеткилең шерге катылып,
Эл түбүнө эми сен
Жетейин деген экенсиң!
Азапка бөөдө чатылып,
Аккелте менен атылып,
Өлөйүн деген экенсиң!
Арыслан-шердин өзүнөн
Ажалдан мурун сен Кыяз,
Өлөйүн деген экенсиң!
Каарланса Семетей
Кан туруштук берчү эмес,
Атасынан бабасын
Кармашып менде жеңчү эмес,
Өнөгүн жанга берчү эмес.
Баатыр, Семетей жайын менден ук,
Менден уксаң, мейлеп ук.
Өлүмгө байлап жаныңды,
Семетейге катылсаң
Чачып койгун малыңды,
Капка салгын жаныңды,
Семетей жайы ушундай –
Түп атасы түгөл кан,
Түз болгондун дал өзүн
Түбүнөн Кыдыр даарыган,
Башкы атасы баары кан,
Башынан Кыдыр даарыган.
Конуп өткөн жерине
Атасынан бабасын
Артыктыгын карачы.
Короодой кызыл тал бүткөн.
Кол беришип ак эшен
Кырк чилтен* өзү жар бүткөн,
Түнөп өткөн жерине
Түптүү мазар* орногон,
Түбүнө чейин колдогон.
Түгөнгүрдүн тукуму
Беттен бейпай салышып,
Бээжин журту кыйраган.
Камынышып салышып,
Канча бир жан ыйлаган,
Кабылганды кул кылган,
Кармашканды жүн кылган.
Беттешкендер сулаган,
Кезиккендер мент болуп,
Ортолоп Кең-Кол жайлаган,
Он төрт күлүк байлаган.
Ачуусуна тийгенди
Астыга салып айдаган.
Алышкан Кожо, Толтойду
Азууга салып чайнаган.
А көкжалдын өзүнө
Кайра айтар калбаган.
Белгилүү ошол, бел ошол,
Менден артык шер ошол.
Кымызын суудай агызып,
Биргелешкен адамды
Тел кулундай жагызып,
Алышканы баргандын
Канын суудай агызып.
Миңге алы жетүүчү,
Бет алышкан адамды
Оруп-союп кетүүчү,
Опсуз шердин өзүнө
Кимдин алы жетүүчү?
Эми Кыяз, угуп ал
Арсыланга катылып,
Кыргын болуп жүрбөйлү,
Такыр качып жабылып.
Семетейди көргөмүн,
Көрүп алып далайга
Жүрөгүм түшүп өлгөмүн.
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн.
Кең жайлоодой чалкайган
Ааламдан бөлөк каркыбар,

www.bizdin.kg



Кармашкандын баарысын
Канын жуткан салты бар.
Мендеден бөлөк түрү бар,
Берeним Кыяз, билип ал!
Ал айкөлдүн өзүнөн,
Окчонтой огун сологон
Атайын келген душмандар
Айласын таппай кологон.
Берендин жайы ушундай,
Менде беттеп баргысыз,
Бедели жарык, узун чач,
Бек сыягын байкасаң
Өлдүм го деп оолак кач!
Асты жагын карасаң –
Илеп тартса соргудай,
Адам, жолуккан талкан болгудай.
Жолу каткан канкордо
Мар-ажыдаар сүрү бар.
Аркасына карасаң
Айза сунуп чалмайган,
Алып ийчү эмедей,
Аркы-терки калдайган
Миң кишинин сүрү бар.
Кара чаар кабылан
Астынан оозун ачкандай,
Арт жагынан миң арыслан
Алышкан жанды баскыдай,
Туурасынан көргөн жан
Кайран жандан түңүлүп,
Антаң уруп качкыдай,
Семетей жайы ушундай.
Серпишкени жолборстой,
Кагышкан аман болбостой.
Кызырлуу шердин өзүнөн,
Курсагы ачкан бөрүдөн,
Кулаган тоонун сеңирден
Адамдын аккан селинен
Адам тирүү калабы,
Алмамбет, Манас элинен?
Оюн алчу жер эмес,
Ойношо барчу эл эмес,
Желиксең тайын берүүчү,
Манастын уулу эр канкор
Жети-Өзөнду жердеген
Жедигердин эли эмес,
Майга тоюп жутунуп,
Атаңдын көрү, эр Кыяз
Желиккениң кем эмес,
Бу кутуруп турушуң,
Семетей менен урушуң
Бир адамга эп эмес!
Бүгүнкү күндө желигип
Кол жыйнатып аларсың
Күн эртеңи болгондо
Кайран журттун баарысын,
Жашы менен карысын
Күйгөн чокко саларсың.
Барса-келбес балаалуу
Семетейге катылсак,
Тозокко минтип чатылсак,
Каттаган жан кайтпаган
Белге кетип өлөрбүз.
Сагызган учуп чыга алгыз,
Селге кетип өлөрбүз.
Семетейди тууганда
Шер ырымын көргөмүн.
Туулганда канкордун
Кырылып той союлган,
Сан дүнүйө, калың мал
Атаганда союлган.
Алышкан аман болбоско
Шер атагы коюлган,
Адам карап турбаган,
Айкожо аке баш болуп,
Атабыз Кошой сынаган.
Асманга учуп топурак,
Жер силкинип оюлган,
Календер, мискин, думана

www.bizdin.kg



Туулганда тоюнган.
Санаты жок канча нар
Ат коюлганда союлган.
Ырас болду баатыр деп,
Алптын баары чогулган.
Семетейди туугандa
Ээси чыгып кээ бир жан
Калтылдаган калдактап.
Алп-дөөлөрдүн баарысы
Кокуй, бала көкжал деп,
Кошомат кылган барбактап,
Ал ымыркай балага
Энчи бөлүп берчүдөй,
Этекке салган салмактап,
Эл атасы зор Кошой
Жети күн баккан ардактап.
Тутанып өлгөн канкордун
Тууганда мындай болунган,
Туш-туш жагы кызыл өрт
Тушуккан киши союлган.
Эчен сынчы, көп билгич
Туулганда чогулган.
Мактоосуна баатырдын
Суук боор чыдап турбаган,
Жеткилең сынчы ал экен,
Жер тыңшаар көрүп сынаган.
Турганда мындай туулган,
Аз жедигер эл эмес
Кырк уруу кытай кымбат журт,
Көптүгү милек кара курт
Ошо салган чуулган.
Чын эрдигин көргөндө
Чымындай жандан түңүлүп,
Чындаган кыраан экен деп,
Чынмачын жолу буулган.
Жер жарылып, сел кетсе
Кара жолтой канкорго
Селдин алы жетеби?
Сал жетпеген төрөгө
Серпишкен аман кетеби?
Тукуму мындай Манаска
Тушуккан аман болобу?
Каары мындай көкжалга
Катылган аман болобу?
Уламадан улаймын,
Билгичтерден сурадым.
Кытай малын чачты дейт,
Жеке жоолап Какандын
Дарбазасын ачты дейт.
Алгаранын куйругун
Камап кирип Каканга
Канкор сууруп салды дейт.
Улук Калча карысы
Мээнеттүү жандан түңүлүп,
Бээжиндиктин баарысы,
Дардалаңдап шашышып,
Чет-Бээжиндин кандары
Чоң-Бээжин көздөй качты дейт.
Мына көкжалдын уулу шер чиркин
Ошонун баарын басты дейт.
Каканчы алган канкорго
Катылып адам барабы?
Бээжинди алган канкордон
Бет алып киши калабы?
Кагыш кылсак өлөбүз,
Жети-Суу кайдан көрөбүз?
Жети-Сууда жедигер,
Кыжылдаган карыбыз.
Кыл эмебиз түк калбай,
Кырыларбыз баарыбыз!
Түбү түптүү төрөнүн,
Катылган аман болобу,
Баатырга тийген оңобу?
Арыслан ошол, шер ошол
Кайнап капыр чыр салса,
Карааны тиер шер эле,
Капыр менен бусурман
Кармашты катуу салышса,

www.bizdin.kg



Качпай туруп салышып,
Талкалашып калышса,
Багып алчу шер эле,
Күтүп алчу эр эле.
Жан жаралып мендеден
Канкордой болбойт деги эле.
Улукмандуу шерибиз,
Күтүп алар эрибиз,
Жел тийбес кыраан белибиз.
Айбаттанса таш жарган,
Күрдөлүү душман, көп каардан
Күтүп калчу бел эле,
Күрдөлүү улук шер эле,
Жолуккан аман болбогон,
Чын жолборстун өзү эле,
Карарган кара көзү эле.
Элге мүшкүл чыр келсе,
Кыргыз турмак ааламды
Күтүп алчу шер эле.
Баатыр, канзааданын уулуна
Кайыр берсек оңбойбуз.
Бекзааданын уулуна
Ок атсак эки болбойбуз
Калайман кантип салабыз
Каарлуу дүмөк баатырга
Урушуп кантип барабыз?
Урушсак өлүп алабыз.
Кармаш кылсак кайтпайбыз.
Ал канкорго катылсак,
Бирөөбүз эсен тартпайбыз.
Кызыр чалган баатырдын
Кыясын кимдер жол кылат.
Бекзааданын тукумун
Кандай менде кор кылат.
Улукман экен, шер экен,
Ушундай мыктуу эр экен,
Түбү түптүү көкжалга
Тил ал, Кыяз, барбайлы.
Кызыр чалган көкжалдан
Кыргын болуп калбайлы!
Чынар бакка чет болуп,
Чын көкжалга бет болуп,
Өрөпкүгөн жедигер
Өз дүйнөнү чачпайлы.
Жаке, кулдук кылдык – деп,
Жан талашып качпайлы,
Беттегенде карыңды
Бек арыслан кырып салбасын!
Ушул күүлөнүп барган баарыңды,
Жай жатканга катылып,
Жапаны жаман салбайлы.
Кызык болуп баарыбыз,
Кыйылып такыр жаныбыз,
Баатыр, кыргын болуп калбайлы!
Кутургандан желигип,
Чын жедигер ээлигип,
Арыслан, шерге катылып,
Ажалга бөөдө чатылып,
Тутанган эрге катылып,
Туура өлүмгө чатылып,
Жедигерче дедиртип,
Калың элге кеп болуп,
Жаман өлүп жүрбөйлү!
Бөрү бөлбөй, жоо чаппай,
Арам өлүп жүрбөйлү!
Беттешкениң да кыргыз
Бир бөлөк жерден жоо таппай,
Жаман өлүп жүрбөйлү!
Кең араптын айлында.
Күнжут деген шаарда
Төөгө минип айза алган
Төбөлөшөр мобу жан.
Акылды артык табалы,
Ушу жоону алгын деп,
Көкжал Семетейге баралы.
Белге таңуу кылалы,
Берендин өзүн чабалы.
Арка кылып айкөлдү

www.bizdin.kg



Ар кайсы жоого салалы.
Жоболондуу көкжалдын
Бир эсебин табалы,
Чабуул чечип, кол коюп,
Семетейге кирбейли,
Мылтык атып, жаа тартып,
Мыктуу тууган көкжалдын
Кыныгына тийбейлик.
Ачуулуу шерге катылып,
Азапка бөөдө чатылып,
Кешикти кенен жебейли.
Мааниң кетип калың эл,
Багынтып көкжал дебейли.
Көрбөгөндү көрбөйлү,
Көп көлпөңдөп жедигер
Ажалдан мурун өлбөйлү!
Агаң Толтой кайран эр
Кеменгер эле, шер эле.
Жан жаратып Толтойдой
Жакында чыкпайт деги эле.
Өткөн иштин жайынан,
Бир бузуктун айынан,
Ал бузугуң Чынкожо
Оболку жини козголуп,
Эл буза турган дүмөктү
Көрсө бузук өзү экен,
Ушак айтып, эл чайкап,
Азганакай жедигер
Кырдыра турган кези экен.
Тултуңдаган куу Кожо
Кулжугуйдун өзү экен,
Эриш бузуп, журт чайкап,
Эң бузуктун өзү экен.
Семетей кордук кылганда
Атаңдын көрү, ал жукуй
Кара таппай калтаңдап,
Шашкан кулдун бири экен.
Өз дүйнөсүн өрөпкүп,
Чачкан кулдун бири экен.
Чын бузуку башынан
Ашкан кулдун бири экен.
Кара тилин кайрады,
Катылып чатак кылбайм деп,
Болуп өткөн жаңжалда
Кайран Толтой сайрады.
Миң сайраса тил албай,
Дүмөктү Кожо бачагар
Дүмөктү жакшы биле албай,
Айдаган бузук артынан,
А Чынкожо дартынан
Канкорго казат баштады.
Кыябына тийгенде
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жедигер өзү билгенде
Дүмөктү туура баштаган.
Жедигердин Толтоюн,
Жер майышкан сан колун
Улукманын, карысын
Ушунча журттун баарысын,
Кылча койбой жалгызын
Кыргын кылып таштаган.
Түбүбүз кыргыз туулган,
Бир бузуктун айынан
Жедигер көрдү чуулган.
Ал согушта ким өлдү,
Шыгайдын уулу Чынкожо –
Чатак баштап тың кожо,
Жеринен желиге чыккан чыр кожо
Кармаш кылып ал өлдү.
Какшап туруп кабылан
Кайран Толтой дагы өлдү.
Ак селдечен кожо өлдү,
Даанышмандан молдо өлдү.
Эчен момун шер өлдү,
Качыраган эр өлдү.
Жаман катын, жаш бала
Момундай жабыркап жүрүп
күн көрдү.

www.bizdin.kg



Уруш катаал болду эле,
Кырылышып кыргыз журт,
Калың кара жедигер
Кара элечек болду эле.
Эркексинип жыйылып,
Кара сакал эр Төлөк
Кагыштан өлдү энтелеп.
Жедигердин жакшысы,
Өпкө чапчу бакшысы,
Өөдө тартчу жакшысы
Каарыдан калчу кан өлгөн,
Калың кара жедигер,
Калайман азап көрдүңөр.
Кайра баштан кол салсак,
Өлгөн жандан калган жан
Жана бирди көрдүңөр!
Семетей оңой шер эмес,
Серпишсек колго түшүүчү,
Жатып берчү кул эмес,
Ал Семетей жөкөрү,
Мен көргөмүн согушта
Күлчоро оңой уул эмес!»
Деп, ошентип Кадырбай,
Какшап кептен салды эле.
Көргөн кордук шумдугун
Койбой айтып калды эле.
Кеп түгөнөр аягын
Ойлоп айтып салды эле.
Кадырбай мындай деген соң,
Кыяз чыкты күүлөнүп.
Койбой соруп ийчүдөй,
Жедигерге сүйлөнүп:
«Жер жайнаган жедигер,
Эл болбосоң жерге кир!
Төлөбай менен Кадырбай,
Шер болбосоң жерге кир!
Жакса күйүп кетүүчү
Отун болгон экенсиң,
Оболкуңду көп эстеп,
Баакыл болгон экенсиң,
Бу кезекте сен экөөң
Капыр болгон экенсиң.
Жети-Суу оңой жер бекен,
Жедигердин эр Кыяз
Семетейден кем бекен?
Атаңдын көрү, жедигер,
Каарың келсе какаңдап,
Казыр кыргын салармын.
Кадырбай менен Төлөбай
Экөөнөн кордук көрдүм деп,
Семетей качып барармын.
Түба-түба, жедигер,
Минтсең сенден безермин.
Семетей качып барармын,
Токтобостон чырдашып,
Толуп жаткан жаман журт
Тозогуң тоодой кылармын,
Токтотпой журтуң кырармын!
Алышты арбын салармын,
Айттырбай башың алармын.
Көп эле болсо өлдүм деп,
Ушундан тажаал көрдүм деп,
Семетей качып барармын.
Туугандашып турармын,
Дос болууга баатырга
Тооторум тартуу кылармын!
Жолдош кылсаң Чорону,
Жондоп жиним кармаса,
Кудай билет Кадырбай,
Жедигер аман болоорун.
Атаңдын көрү, жедигер,
Жоолашаарым Семетей,
Жон көргөзүп туруп бер!
Өлөр антты кылып бер,
Кагышаарым Семетей
Караан болуп туруп бер.
Айнып кайра качпаска,
Астымдан кыя баспаска

www.bizdin.kg



Кагышыңа бардык деп,
Төрө Кыяздын тилин алдык деп,
Убаданы кылып бер.
Куудай сакал карыңды,
Кыжылдаган жедигер,
Калтырбай кырам баарыңды!
Оболкуну көп жоктоп
Не күйгүздүң жанымды!
Алты күлүк ат келди,
Сары-Аркадан кат келди.
Үмөтөй барып кайрылган,
Кызыталак ал канкор
Буурулунан айрылган.
Атсыз калган канкорду
Албайт деген эмине?
Аябаган дүмөккө
Салбайт деген эмине?
Канын карап кылабыз,
Элине бейпай салабыз!
Бу кара тийсе бул колго
Алманчы кылып алабыз,
Алык-салык көп дүмөк
Ал канкорго салабыз.
Чубак уулу Канчоро
Таарынган экен ал Чоро.
Семетейди жай кылам,
Ошо журттун баарына
Канчорону кан кылам!
Уруштан киши бошойбу,
Улук кылам ушуну.
Уйпалаймын карысын,
Ал канкорго болушсаң
Калтырбай кырам баарысын.
Арасы эки бөлүндү,
Ат-тонунан ажырап,
Ал ант урган канкордун
Алдырчу сыны көрүндү.
Анығын билип каркыбар
Канчоронун каты бар,
Берген каттын ичинде
Мен Кыяздын аты бар.
Эгин-тегин бышканда,
Эл ылдыйга тартканда,
Аптап-ысык кайтканда,
Былкылдак куурай бышканда,
Бурулдап мыйзам учканда,
Чөп кубарып, күл кетип,
Чоң боз кыроо болгондо,
Жан жараткан жаныбар
Чылка майга толгондо,
Жана алты ай камынып,
Кыштын камы болгондо
Жети-Сууда жедигер
Желигип жанга келесиң.
Жедигердин Кыяздан
Ошондо кызык көрөсүң.
Ак сакалдуу карыңар,
Калбайсыңар баарыңар!
Элүү бештен ылдыйкы,
Жандан бирөөң калбайсың.
Он сегизден өөдөкү
Баладан бирөөң калбайсың.
Ага чейин жедигер,
Тантысаң бокту жедиңер!
Эр Төлөбай, Кадырбай
Экөө сүйлөп турат деп,
Өкүлдөгөн жедигер
Жана эмине дедиңер?
Жан-жабыла чуу туруп,
Качсаңар бокту жедиңер!
Канчоро биздик болгон соң,
Төрөсүнгөн канкордун
Төрөсүн тартып алабыз,
Былжыраса, Төлөбай,
Кадырбай менен бул экөөн
Кошо мууздап салабыз!
Койгулашып канкордун
Ушу быйыл Толтойдун,

www.bizdin.kg



Шыгайдын уулу Кожонун
Кунун алам ошонун.
Ар качандан бир качан
Зордук кылып жөн жүрдү,
Атасынан баласы
Кырып жүрүп эл билди.
Жаккан отун өчүрүп,
Жан-жабыла көчүрүп,
Өзөн суусун бурамын.
Өз ичи ала болгон соң,
Кызыталак канкорго
Өзүм дүмөк саламын.
Жедигер болбой жерге кир,
Кол барбай, жалгыз барсам да
Ал канкорду аламын.
Тоотору тулпар малым бар,
Белиме таңуу Канчоро
Тогуз ай тынбай урушсам
Байкасаң менин алым бар.
Илгери чуу болду деп,
Элди канкор сойду деп,
Илгеркисин ойлогун.
Кадырбай менен Төлөбай
Бакшы болгон экен го,
Алты айчылык азаптыр
Азыр сүйлөп билүүчү
Жакшы болгон экен го.
Семетейден кырылып,
Азыркы болчу казаттан
Калбай бул журт кырылып,
Өлөрүн билген экен го.
Алты айчылык мүшкүл иш
Азыр көрүп айтуучу
Бакшы болгон экен го.
Элге келчү балааны
Эстенип мурду билүүчү,
Бакшы болгон экен го.
Жоого белдүү экөөңдүн
Бел экениң билинди,
Элди айныткан эки акмак,
Сенин шер экениң билинди.
Жедигерге ээ болуп,
Даңкандаган дөө болуп,
Улуктугуң билинди.
Семетей маштап эки арам,
Сенин бузуктугуң билинди.
Аскер жыйсаң антаңдап,
Шашчу түрүң бар экен.
Шайтан баштап, чуу кылып,
Калың колду дуу кылып,
Тирелише келгенде
Каччу түрүң бар экен.
Тобокелдеп көз жумган
Тоону ташты жол кылып,
Кайраттуу адам көрбөйбү,
Күйүп жаткан өрт болсо,
Бузулбай тийген ок болсо,
Эр кырууучу тап болсо,
Айзанын учу көрүнсө,
Адамдын көөнү бөлүнсө,
Азирейил жалаңкыч
Айза учунан көрүнсө,
Тобокелчил эр адам,
Топ атасы шер адам,
Толгон жанга бел адам
Коргон болуп бербейби!
Калың кара жедигер,
Калбай журтум, келгиле!
Айзакерчи ыктууң кел,
Айласы толук мыктууң кел!
Көп жашаган карың кел,
Көп кызык бар биздерде
Көмкөрүлө баарың кел!
Атаңдын көрү, жедигер,
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби?
Чубактын уулу чунактын,
Чуулганды чунактын

www.bizdin.kg



Кадыр салып, көөн калып,
Кара жолтой канкорго
Кармашып жүргөн кез экен.
А Канчоро байкушум,
Жети-Сууда жедигер
Чын тууганды өзү экен,
Жедигер качан келет деп,
Кызыталак канкорго
Кыргынды качан салат деп,
Чынкожо, Толтой эки кан
Качан өчүн алат деп,
Кажылдаган жедигер
Каптап кирип конушса,
Капталынан Канчоро
Жедигерге болушса,
Бу дүнүйө өзүнө
Өлбөй турган жан бекен,
Денесинде канкордун
Сексен жаны бар бекен?
Кызыл, жашыл гүл жайнап,
Жердин көгү толгондо,
Кечээ өзөнгө айыл конгондо,
Токсон чыгып жай келип,
Жыргал мезгил болгондо,
Чубактын уулу Чунактан
Чуулганды Канчоро –
Жаныбыз бирге ынактан
Жең ичинен кат келди.
Так күзүндө уруш дейт.
Жер жайнаган кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Жеткилең ыктуу карысы,
Калбай казат салсын дейт,
Жедигердин баарысы.
Койнундагы дүмөктү,
Койбой тартып салсын дейт,
Шуркуя катын Чүрөктү.
Кайраты бар эрендин
Калтырбай башын кессин деп,
Алманбет уулу Чорону
Аныктап башын кессин деп,
Өлтүрбөстөн житирбей,
А болбосо чочкону
Олжо кыла кетсин деп.
Канчоронун каты бар,
Катын ачып карасаң,
Калк аманын кааласаң
Катында мынча баркы бар.
А Семетей көкжалга
Ата байкуш Канчоро
Чымырканып чыңданып,
Чын аябай тыңданып
Карарган окшойт каркыбар.
Чынкожо, Толтой өлгөндө,
Чынкожонун Кара атын
Чын өрттөнгөн ал канкор
Атасы Манас көкжалга
Атап окуп чалыптыр.
Аты, байкуш Канчоро
Казатка минер аты жок
Анда бир көңүлү калыптыр.
Эр Толтойдун Суркоен
Олжого кармап алыптыр,
Өз тел малым кылам деп,
Кыргыздын оюк энин салыптыр.
Асыл жаным кем кылып,
Менин кулагым кесип салды деп,
Аны менен Суркоен
Айбан да болсо жарыктык
Айкөлдөн көөнү калыптыр.
Ойсоңдотуп карааңды
О Семетей эр көкжал
Олжолоп колго түшүрүп,
Күлчоро менен Канчоро
Эки кул чуркап камынып:
«Аба, соогат бергин» – деп,
Мунун экөө бирдей жалынып.
Тизелери бүгүлүп,

www.bizdin.kg



Атасын балдар көргөндөй,
Эки кул барса жүгүрүп.
Канчорону Семетей
Душманыраак көрүптүр,
Алмамбет уулу Чорону
Тууганыраак көрүптүр.
Суркоендун чылбырын
Күлчорого Семетей
Алыс таштап бериптир.
Ичи өрттөнүп, көөн калып
Ал Манастын уулу канкорду
Арамдыгын билиптир.
«Чоросун өөдө көрдү» – деп,
Тутам калбай шордуу жан
Туталанып Канчоро
Ичи муздап, көөн калып,
Кайгыланып сабылып,
Калган экен куурагыр
Суркоенго таарынып.
Күлчоро менен Канчоро
Экөөбүздү бөлдү деп,
Күлчородон улуу элек,
Тай-кунандай тебишкен,
Каныкейдин эмчегин
Экөөбүз бирдей эмишкен.
Тойго токсон сойдурган,
Алдейлетип бактырып,
Атын уйкаш койдурган.
Канчоро менен Күлчоро
Үйүң күйгөн бул канкор
Экөөбүздү бөлдү деп,
Канчородон Күлчоро
Жакыныраак көрдү деп,
Күйүп-бышып чок болуп,
Ичи өрттөнүп от болуп,
Жети-Өзөнгө Канчоро
Конушсам деп ой кылган,
Жедигерге эр чиркин
Болушсам деп ой кылган.
Жети-Өзөндү жедигер
Жер кылсам деп жүрүптүр.
Жер жайнаган жедигер
Эл кылсам деп жүрүптүр.
Көңүлү калып көкжалдан
Жедигердин Кыязын
Шер кылсам деп жүрүптүр.
Кызыл кыйма урушуп,
Кыядан көчүн ала албай,
Канкордон өчүн ала албай,
Караалды кылган бир жан жок.
Же кастарын тигип какыйып,
Канкорго уруш сала албай.
Көңүлү ооп, ич күйүп,
Алапайын таба албай.
Кечээ Бээжинге бейпай салганда,
Беттешип булар барганда,
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган,
Алтын түркүк чатырга
Алтымыш жайсаң кенжеси –
Алөөкө кандын эркеси
Эр Коңурбай баатырга,
Чет-Бээжиндин өзүндө,
Алөөкөнүн Коңурбай
Көк ала сакал кезинде
Көп урушуп кыраандар
Эзкара менен Коңурбай
Эки канды союптур.
Аргын кыргыз калың журт
Кан сонундан олжо алып,
Баргандын баары тоюптур.
Коңурбайдын Алгара
Сакалы куудай агында,
Сапары чукул барында,
Өлө турган чагында,
Артык көрүп кара атты
Бакайга тартуу кылыптыр.
Анда жаман таарынып,

www.bizdin.kg



Ардыккандан Канчоро
Анда бир жол өлүптүр.
Казатка минип жүргүн деп,
Коңурбай кандын Алгара
Ал каранды бербейт деп,
Ар качандан бир качан
Киши ордуна көрбөйт деп,
Анда бир жол таарынган.
Калайык мүшкүл басыптыр,
Таарынчысы Канчоро
Башынан бийик ашыптыр.
Эл санабай Чорону
Бөлмөлөгөн оңорбу!
Каададан куру калгыча
Кагышып жүрүп өлөм деп.
Ар качандан бир качан
Тирүү болбой өлөм деп,
Жедигердин эр Кыяз
Тоодой Толтой эмеси
Тобокел деп, мен ошо
Жолдош болуп берем деп.
Ал Канчоро байкушуң
Төрт тулугун чачууга,
Камдана жүргөн кези экен.
Бизден арга тийбесе,
Беш-Таштын башы Бек-Жайлоо
Бетине конуп Канчоро
Дүнүйөсүн чачканы,
Жедигер көздөй качканы,
Кошула турган болушуп,
Короолош болуп жатканы.
Аңгеме, чыр ушундай,
А Канчоро байкуш ай,
Эрте айтканы кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп.
Көрүнөө дөңгө чогулбай,
Жедигердин кабарын
Канчоро байкуш уга албай.
Айгырын биттеп ат кылып,
Кочкорун бычып ирик кылып,
Коюнун баарын түрк кылып,
Буурасын атан төө кылып,
Букасын өгүз уй кылып,
Чымындай жанды буй кылып,
Чын айзасын Канчоро
Бүлөп жүрөт деп угам.
Жети-Өзөндө жедигер
Жетип айыл конууга
Тилеп жүрөт деп угам.
Төрт түлүгүн Канчоро
Үрөп атат деп угам.
Жедигер качан келет деп,
Уламадан кеп улап,
Каттоочудан көп сурап,
Баабединин бат айтып,
Бардыгерин Канчоро
Үрөп жүрөт деп угам.
Жедигерге жетүүгө
Манастын уулу канкорго
Түгөнүшө кетүүгө
Эрте сөзү кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп,
Тилеп жүрөт деп угам.
Кармашты катуу салабыз,
Канчоро аман барында
Канкордон өчтү алабыз,
Ай касаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Кошуун жүрүп барабыз,
Койгулашып салышып,
Бир бүлүктү салабыз.
Миңиң калып, ыктууң чык,
Жаманың калып, мыктууң чык.
Айбалта, союл алпың чык,
Койгулашып калчууң чык,
Баатырсынган белиң чык,
Балбансынган эриң чык,

www.bizdin.kg



Ар аскерден өзүң чык!»
Деп, ошентип эр Кыяс,
Жети-Өзөндөн кол жыйнап,
Канчородон кеп угуп,
Жан аябай мол жыйнап.
Чыйырчыктай тору ала
Мал мингенин бир бөлүп,
Буура көкүл, капкан бел
Ар мингенин бир бөлүп
Билериктүү бир далай
Сур мингенин бир бөлүп.
Жедигерге салды чаң,
А жедигер калың журт
Акылы айран болду таң.
Болот айза ашташып,
Жандан кечип ташташып.
А жедигер көп колдо,
Айзасында бедел жок.
Неминелер бар, нелер жок!
Кол алышып коштошуп,
Кош болгун дей калышып.
Семетей жаман жоо эле,
Айла кандай болот деп,
Жанынан кече ташташып.
Кайра тартып келгиче,
Аман эл жүзүн көргүчө,
Аман боло көргүн деп,
Жакыны менен коштошуп.
Жалпы кара жедигер
Аскер түшүп кол болуп,
Аз гана эмес, мол болуп.
Кол башчысын сурасаң –
Тооторучан эр Кыяс.
Ок жетпес тулпар ат минип,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Касаба желек – туу алып,
Кол мыктуусу ал болуп.
Кум-Кыянын жээк жол
Жайнап чыкты жедигер.
Курт экени билингис,
Кайнап чыкты жедигер.
Таш-Кыянын Жар-Кашат
Көбү чыгып келатат.
Кум-Кашаттын жээгинде
Көбү чыгып келатат.
Жедигер түрү ушундай:
Айзачаны бетинде,
Айбаттуу Кыяз четинде.
Камчычаны бетинде,
Кайраттуусу четинде.
Жан койбочу немедей,
Жайнап чыгып келатат.
Журт бүлдүрүп эр Кыяз
Айдап чыгып келатат.
Аны мындай таштайлы.
Быяктан кабар баштайлы.

Тайбуурулу жок Семетейдин атсыз калган жери. Семетей Манастын күмбөзүн тайыймын деп, ак боз бээ жетелеп чыгып турган жери. Атабыздын ак күмбөзүн тайысак болбойбу деп, душмандык кылып, Канчоро Семетейди сүрөп турган жери. Айчүрөк Семетейди жибербей, барсаң эле өлөсүң деп, олоңуна оролуп, чылбырына чырмалып, түш көргөнүн айтып, Семетейди жибербей жаткан жери.

Чубактын уулу Канчоро
Зили тууган ичи чок,
Айчүрөктүн сарайдан
Таң сүргөндө бакырып,
Жедигерден кеп угуп,
Жер жайнаган жедигер
Жеткилеңи Кыяз эр
Чабуул чечип, кол курап,

www.bizdin.kg



Келет экен деп угуп.
Аябаган чоң кыргын
Болот экен деп угуп.
Алы жокту алдуу эр
Сүрөт экен деп угуп,
Жаман кыргын, чоң чатак
Болот экен деп угуп.
Болот айза Зулпукор
Аштайт экен деп угуп,
Болуучу дүмөк, чоң дүрбөөн
Баштайт экен деп угуп.
А Канчоро баатырың
Эл башкарып, жер болжоп,
Жезекчи жуйкун капырың,
Семетей башын кесүүгө
Кумарланган баатырың
Таң кашкайып сүрөрдө
Семетейге желигип,
Жуукуйланган капыр кул
Келген экен ээлигип.
«Күмүш көздүү, күн жүздүү
Төрөм үйдө бар бекен?
Бел байлаган кара кыр
Белим үйдө бар бекен?
Атагы чыккан ааламга
Шерим үйдө бар бекен?
Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө кыйын иш көрдүм.
Атам Манас шер көрдүм.
Аябас дүмөк мен көрдүм.
Атам Манас кабылан
Ачууланып калыптыр.
Колдогонум көрбөйт деп,
Арбагыма мал айтып,
Күмбөзгө союп бербейт деп,
Беделинен күч чыгып,
Сыягын көрсөм канкордун,
Беделинен баатырдын
Бир байпактык түк чыгып.
Ажыдаар, жолборс мен болуп,
Жондогонум билбейт деп,
Душман жолун эчен жол
Торгогонум билбейт деп.
Эчен заман, эчен күн
Колдогонум билбейт деп,
Кара көкжал кабылан
Манас кирди түшүмө.
Аколпокту кийгени,
Аккула тулпар мингени.
Аты Кызыр дийвана
Жылуу ооздуктай төтөлөп,
Онжоңдогон кула атын
Алган экен ой тобо,
Он эки чоро жетелеп.
Кудай берген бул бир бак –
Арт жагына бөктөргөн
Төрө атам минген тоодой так,
Төрө Алмамбет, эр Чубак.
Түндө жатып түш көрсөм,
Доо кылып кирди уч убак.
Капчал бузуп, жол салып,
Эчен жоого кол салдың,
Өөдө жайга чыкканда
Өбөк болдум ээ, балдар,
Ылдый карай тартышта
Жөлөк болдум ээ, балдар.
Айткан сөзгө көнбөйсүң,
Ар качандан бир качан
Атакем мындай болчу деп,
Ак күмбөз тайып келбейсиң!
Азарланып бакылдап,
Ант силерди урар деп.
Алган экен жакындап,
Ачууланган бакылдап.
Канкор тилин алалы,
Атакемдин Ак күмбөз
Айкөл кан тайый салалы!
Деген сөзгө көнөлү,

www.bizdin.kg



Бадыша шердин өзүнө
Мал өлтүрүп берели!
О дүйнө кеткен шерлерге,
Олуя чалган эрлерге
Дегенине көнбөсөк,
Мал өлтүрүп бербесек,
Арбагы күндө болбойбу,
Бизди ачууланса сорбойбу!
Каарланып какайтып,
Чогуу жутуп койбойбу!
Түгөнгөн тоонун урчукта,
Думүрөйгөн тумшукта,
Кара жолдун үстүндө
Кадимки Ак-Чий өзүндө
Кан атамын коргондо
Кан чыгарып, төө союп,
Куран окуп, мал союп,
Бир тиленип көкжалга
Барып келсек болбойбу!
Кан атамын коргонго
Тайып келсек болбойбу.
Моюнга кур салынып,
«Кожосан, колдой жаткын! – деп,
Кокуй атам көкжалга
Чыны менен жалынып,
Аалый жүрсөк болбойбу,
Арбактарын караандын
Тайый жүрсөк болбойбу?
А дүйнө кеткен эрендин
Арбагын сыйлай жүрөлү,
Айкөл Манас берендин.
Тоодогу жылкы тогуз сан,
Толуп жаткан каран мал,
Токтотпой жыйып алалы.
Ак чатырдай боз бээден
Алтымышын табалы.
Алмамбет, Чубак, Сыргакты
Аралаша тайыйлы,
Арбак көөнүн алалы,
Абаке, көкжал, баралы!
Караандарга аралаш
Ай туяк атап чалалы.
Учурабай арбакка,
Уят болбой тирүүгө
Бир кутулуп калалы.
Кокуй, аба кабылан,
Арбагы колдоп Айкөлдүн
Ташты чаап жол кылдың,
Далай жерди эл кылдың,
Кылымга кыргын баштадың,
Топон суу тоздоп кирбеген
Бээжинди чаап таштадың.
Какканчыңды камадың.
Кан атам колдоп көрдүңбү,
Канча жерди таладың!
Ар тулпарың баспаган,
Жерде бүтүн калбаган,
Айкырыгың укпаган
Элде бүтүн калбаган.
Баатыр айкөл Манасты
Барк кылбаган оңорбу,
Кара көкжал канкордун
Арбагына мал бербей,
Антип жүргөн адамдын
Эгерде эки болорбу?
Ак күмбөз тайып койбогон
Адам болуп оңорбу?
Арбакка атап мал бербей,
Жаткан адам оңорбу?»
Канчоро мындай деген соң,
Ак күмбөз тайып келүүгө,
Атасы Манас арбагы
Ак боз бээ атап берүүгө,
Манастан калган кызыл нар
Касиети мынча бар.
Кызыл нарды чөгөрүп,
Аркан-чотун бүктөдү,
Манастан калган миз казан

www.bizdin.kg



Миз казанды жүктөдү.
Жан казанын арттырып,
Тоодо жылкы тогуз сан
Тобурчак, буудан аралаш
Токтотпой айдап алды эле,
Чубатууга салды эле.
Чатырдай аппак боз бээден
Токсон бээ тандап калды эле,
Илек салбас курунан,
Жал-куйругу тегизден,
Кулун туубай, бой калып,
Жети жылы туу калган
Бели ийилген семизден,
Бээ карматып камынып,
«Берен атам Ак күмбөз.
Тайыймын деп жалынып».
Короздой болгон кайран шер
Калган экен камынып.
Ак күмбөздү тайыйм – деп,
Баабединин бат айтып,
Баатыр султан камынып,
Мына ушинтип турганда
Ойноктогон чоң сур ат
Мине турган болду эле,
Он эки адам ак чатыр,
Ортосунда чоң баатыр
Жүрө турган болду эле.
Кайран катын Айчүрөк –
Айчүрөк эмес, чоң дүмөк.
Канкор өлөр оюнда,
Алты ай талгак ал кезде
Бечара Чүрөк боюнда.
Чүрөк ойлоп сабылып,
Чын көкжалга жалынып,
Бөдөнөдей көзүнөн
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай көзүнөн
Камчы салым жаш агып,
Аркасында алтын кара чач –
Ай тийгендей кайран баш.
Тал-тал болуп бөлүнүп,
Эки көздөн аккан жаш
Эки эмчек ылдый төгүлүп,
Ак жайнама салынып,
Астынан басып камынып,
Аңгемеси ушундай –
Айкөл шерге жалынып.
А шордуу Айчүрөк чыкты камынып.
Түшүнөн чочуп күйүнүп,
Төрөсүнөн түңүлүп,
Чыккан экен жүгүрүп.
Чылбырына чырмалып,
Чыңырып үндү салды эле,
Олоңуна оролуп,
Опсуз ыйлап алды эле.
«Күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн султаным!
Алтын көздүү, ай жүздүү
Айланайын султаным!
Ак күмбөздү тайыйм деп,
Бөөдө жолду баштаба,
Алтымыш катын, тул келин
Айлыңды каран таштаба!
Кетсең качан келесиң,
Барчу болсоң өлөсүң.
Барганыңан келбейсиң,
Базар үйүң көрбөйсүң!
Түндө жатып түш көрдүм,
Башыма мүшкүл иш көрдүм,
Байкуш жанга күч көрдүм.
Көкжал саа күйбөймүн.
Өз жаныма күйөмүн.
Түндө жаткан түшүмдө,
Түйшүктүү мүшкүл ишимде
Кең дарыя казынам
Соолуп көлчүк болуптур,
Бул эмине болуучу?
Калкка баана чынарым

www.bizdin.kg



Канчоро каргап коюптур,
Бул эмине болучу?
Төрөм, бул түшүмдү жоручу!
Тултук мүйүз көк бука
Султаным деп даңгырап,
Суу ичинде аңгырап,
Жер түбүндө бакырат,
Бул эмине болучу?
Кырк эмчектүү куу тайган
Айды карап шимшилеп,
Айды карап кыңшылайт,
Сизди карап шимшилейт.
Бир турганда ал канчык
Жолборстук түрдөн кетиптир,
Чычкандык түргө жетиптир,
Бул эмине болучу?
Төрөм, бул түшүмдү жоручу!
Ушул түшүм опкоол түш –
Менин жүрөгүм башы копкон түш.
Алтын мүйүз ак серке
Күндү көздөй маарады,
Колдоп жүргөн бириңден
Кылайып бирөө калбады,
Бул эмине болучу?
Көзү кара, көк шал бут
Көрүнгөндөн тартпаган,
Көнөктөй жемден артпаган,
Талпынганын койбогон,
Табактай этке тойбогон,
Көргөн жанды койбогон,
Көнөктөй этке тойбогон.
Канатын жайып шукшурбас,
Казды көлдөн учурбас,
Куйругун жайып шукшурбас,
Кууну көлдөн учурбас.
Текөөрү болот, тээги жез,
Тегереги эки кез.
Жаркыраган алтын боо
Алтын боосун тытыптыр,
Алда кандай мүшкүл иш,
Айды көздөй сызыптыр,
Бул эмине болучу?
Төрө болсоң, шер болсоң,
Кара кылды как жарган
Кадырман көкжал эр болсоң
Бул эмине болучу?
Астыңан тулпар ат кетип,
Башыңа мүшкүл чын жетип,
Туш-тушуңан кыйкырып,
Душман айза салыптыр.
Турбай жаның чыркырап
Ортосунда калыптыр.
Ээр-токумуң көтөрүп,
Жонуңа жүкчө артыпсың.
Жалгыздыктын жапаасын,
Жан биргенин капасын,
Канчоронун кордугун,
Каптаган душман зордугун
Болжолу жок тартыпсың!
Оң мүрүңдөн колуң жок,
Оң тизеңден бутуң жок,
Ушинтип азап тартыпсың.
Тууганым жапаа салды деп,
Туш келгенге айтыпсың,
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!
Жолборско салып айт десе,
Агытса жанды кубанткан,
Тиштеген жерин бүлдүргөн,
Агыткан жанды күлдүргөн,
Алып жүргөн ак тайган
Атаңан калган итиңиз
Кыраанды журтка сынаакы,
Билсең мындай мүлкүңүз
Алтындан кылган кыргасын
Алты бөлөк чайнаптыр,
Мойнун жерге салыптыр,
Чын болумдуу Кумайык

www.bizdin.kg



Томуктай жерде тоо жок,
Как эткенден карга жок,
Кукулдап учкан кузгун жок,
Ушундай экен дүйнө бок!
Адам жүрүп жан болбос,
Белде кыраан кылыптыр,
Ал Кумайык кыраанын
Кайгырып каран таба албай
Чөлдө караан калыптыр.
Кадыр билип, иш билбес,
Жамандар ээлей салыптыр.
Ал кыраанын Кумайык
Бөлөк ээлеп калыптыр,
Бул эмине болуучу,
Бул ишиң кандай жоручу?
Кечээ кайыбынан кабылган,
Канкор атаң колуна
Ай далаадан табылган,
Ардактаган алты курч
Канга чыктап бөлөгөн,
Укумунан тукумун
Асемдетип кыраанды
Жүк бурчуна көлөгөн.
Толтосун алтын кылдырган,
Сабына көөхар толгогон,
Артык курчтап оңдогон,
Буюмда мындай болбогон.
Акыйнекке оротуп,
Аземдете бактырган.
Асмандан түшкөн алты курч –
Алты курчтун мыктуусу,
Жоо качырган мыктуусу,
Кабылганды кайсаган,
Келген жанды кемирген,
Каарынан адам күч көргөн,
Кара ташка салганда
Как жарылтып үч бөлгөн.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мерт кеткен.
Алтындатып жибектен
Жылан боор чалып боо кылган,
Эрендин баары чогулуп,
Кан ичээрде каар кылган,
Кыйкырып кындан чыгарса
Кызарып мизи өрт болгон.
Кез келген жан мерт болгон.
Атаңан калган Зулпукор
Чарайнага чаптаган,
Асемдетип каранды
Асыл энем сактаган,
Ортодон кыйрап сыныптыр,
Урууучу Кудай уруптур,
Ушундай шумдук болуптур.
Кубанып душман оңуптур,
Бул эмине болуучу?
Кынсыз куру калыптыр,
Кыйын мүшкүл, балаага
Зулпукоруң салыптыр,
Бул эмине болучу?
Колуңдагы айбалтаң
Кечээ көөрүгүнө келгенде
Алман түшүп каранга
Көк букачар союлган.
Көмүрүнө келгенде
Көк кырчын токой оюлган,
Мизине уу жаптырып,
Сабына алтын кактырып,
Жоого ылайык бактырып,
Төкөр уста Бөлөкбай
Атаңан калган чоң уста.
Душман көрүп жактырып,
Барбайлаган айбалта
Улап учун сугарган,
Тийгени тим болбоско
Адамдын көз жашы менен сугарган.
Мага жабдык болсо деп,
Көргөн менде кубанган.
Сабы өрттөнүп кызарып,

www.bizdin.kg



Адам карап турбаптыр,
Уңгусу төрткө бөлүнүп,
Мизи сексен кыйраптыр.
Алтымыш катын, тул жеңең
Эри өлгөндөй ыйлаптыр,
Бул эмине болучу?
Бу түшүмдү жоручу.
Ушу түшүм опкол түш,
Алат күн, төрөм, мунумду ук,
Менин жүрөгүм башы корккон түш,
Сенин асынганың Аккелте
Ичин сайлап эгеген,
Оозу-түбүн чеnеген.
Анча-мынча кыйшыгын
Дөөтү менен дос экен
Өткүр уста оңдогон.
Жандуу мылтык Аккелте
Жанда мындай болбогон,
Асынып чыкса карааның
Айдалаага салынган,
Курчтан мындай болбогон,
Бет алган душман кологон,
Айкашкан жоого сунганда
Жансыздан мындай болбогон,
Сунса душман кологон,
Атышка чыга келгенде
Азапка өзү чатылган,
Ай далыга асынса,
Алышчу жоого кез келсе
Айдалыда барсылдап,
Өзүнөн өзү атылган.
Сабын болот толгогон,
Салыша жоого болжогон.
Дөөтү менен кеңешип,
Төкөр уста оңдогон.
Дүп дегенде чаңк эткен,
Түтүндөн мурун жан кеткен.
Милтеси чоктой кызарган,
Айкашкан жоого сунганда
Алтымыш карыш узарган.
Кулак угуп, көз көргөн,
Аккелтедей болбогон.
Атагын уккан душмандар
Айласын таппай кологон,
Алыскы жайга болжогон.
Жакут таштан жардырган
Кароолуна салдырган.
Сунганында жөн эле
Буркурап түтүн чубалткан,
Сунган жанды кубанткан,
Мээлегенди сулаткан.
Асемдетип баптаткан,
Алышкан жоого сактаткан.
Окус кирдеп кетет деп,
Булгаарыдан каптаткан.
Бууданым, сенин Аккелтең
Ортосунан үзүлүп,
Кундагы такыр кыйраптыр.
Бул эмине болучу,
Бу шумдукту жоручу!
Жолборс атаң беренден
Жолдошко калган кең дүрбүң
Белгилүү атаң беренден
Белекке калган чоң дүрбү
Алтындан кылган сабы бар,
Бой тумар чалыш кабы бар,
Болжолу жок чоң дүрбү
Жоону көздөй салуучу,
Жоодон кабар алуучу.
Айнеги сынып чоң дүрбүң.
А колуңан өтүптүр
Аңтарылып бу дүрбүң
Айнеги кыйрап сыныптыр.
Тутам жери туймуйуп,
Колуңузда калыптыр.
Бул эмине болучу?
Бу каранды жоручу?
Колуңдагы сыр найза

www.bizdin.kg



Болоту агып алыптыр,
Мокогу колдо калыптыр.
Айза мокоп, айла жок
Айла таппай турганда,
Кыйкырык салып сан душман
Тегеректеп алыптыр.
Жай-жарагы ушинтип
Каран күн болуп калыптыр,
Бул эмине болучу?
Сандан болор сапарың,
Кокуй, төрө кабылан,
Ажалдан болор капарың,
Аз болгондо ушинтип,
Боздотот сенин сапарың!
Адырлуу Кең-Кол, кең Талас
Аккан туура булак жок,
Атакелеп калуучу
Арканда мерзет балаң жок,
Кандай болот дүйнө бок!
Кечээ, Кара-буура, Чаткалдан
Капталынан зоо көчүп,
Капчалыңды бүтөптүр.
Түбүңүз түптүз жол болуп,
Түгөл бул журт кор болуп,
Өрт өчкөндөй болуптур.
Бул эмине болучу,
Бу мүшкул кандай, жоручу?
Үстүңдөгү Аколпок
Жакасы кирдеп карарып,
Этеги тытык сабалып,
Жең учунан чок алып,
Омуроосун ок алып,
Этеги тилик сабалып,
Бою өрттөнүп карарып,
Канчороң кийип алыптыр,
Бул эмине болучу?
Көк темирден туулгаң
Табылгы жакса чок өтпөс,
Жазайыл атса ок өтпөс,
Опсуз орой душманга
Олжо болуп калыптыр,
Бул эмине болучу?»
Керектүү катын Айчүрөк –
Кесиреттүү шуркуя
Опсуз жаман түш көрүп,
Ойлосо мүшкүл иш көрүп,
Чылбырына чырмалып,
Чыркырап үнүн салыптыр,
Олоңуна оролуп,
Опсуз ыйлап калыптыр.
Он кайра жол түш көргөн,
А карабет шуркуя
Түшүн айтып алыптыр.
Түшүндө мүшкүл иш көргөн
Ишин айтып алыптыр.
Адам билгиз, журт туйгуз,
Дуугa кирип алыптыр.
Үч уктаса түшкө кирбеген
Чуугa кирип алыптыр.
Айыкпаган бир азап
Ачууланып Семетей:
«Жакшы катын деп жүрсөм,
Жаның чыккан шуркуям,
Бакшы катын экенсиң!
Беризаттай керилген
Бери* катын деп жүрсөм
Бейли кара бейтаалай
Бечел катын экенсиң.
Артык катын деп жүрсөм
Ар мүшкүлдү которгон
Сен тантык катын экенсиң.
Тултук мүйүз көк букаң
Суу түбүндө өкүрсө,
Кан атаңыз Акун кан
Каза болуп, кан өлүп,
Кан атаң өлүп алыптыр,
Калың ооган журтуңду
Душман ээлеп калыптыр.

www.bizdin.kg



Калкың каран калганы –
Ордолуңду кор кылып,
Керегесин кыйратып,
Келин, кызын ыйлатып,
Атаң Акун өлгөнү.
Атакеңдин калаасын
Кан өлүп каран калганда
Кирип душман бөлгөнү.
Ополго атаң конуптур,
Атакең өлүп ооган журт
Душманга олжо болуптур.
Түшүңдү боо жорудум,
Кырк эмчектүү сур канчык
Айды карап кыңшыса,
Мени карап шимшисе,
Энекең жесир калганы.
Тайгандын кыңшып турганы –
Так ошонун зардабы.
Какылдаган шуркуям,
Сенин энекең жесир калганы,
Алтын боолуу Акшумкар
Бошонуп боосун тытканы
Айды көздөй сызганы
Агининин уулу эле,
Жазы жаак, жалпак тил
Жаңылбаган чоң чечен
Ажыбай агаң өлгөнү,
Чабаган бүгүн келгени.
Колуңдан болот сынганы –
Болоттон кыйын абакең
Түмөнбай өлө турганы.
Аколпогуң өрттөнсө,
Айлың ооган кырылып,
Төркүнүң жок курганың.
Кылча калбай жалгызы,
Кырылыптыр тууганың,
Мунун несин айтасың?
Төркүндөрүң сел алып,
Жесирлерин эр алып,
Суук боор олжо кылганы,
Кызык болуп кырылып,
Какылдаган кара бет,
Калбаптыр жалгыз тууганың!
Атаң чоң кан башында
Акун болгон экен деп,
Атам Манас кандан мал аяп,
Атаңдын көрү, куу катын,
Бул капыр болгон экен» – деп,
Кара жаак булдурсун,
Чапса кулак тундурсун,
Кайра айткан катынды
Кайкалаткан булдурсун,
Опол-Тоонун табылгы
Түбү менен жулдурган,
Камчы сапка бурдурган.
Бышты өгүздүн терисин
Өзөгүнө кердирген,
Төрт эркечтин терисин
Шыкап жатып өрдүргөн.
Алаканы айнектүү,
Бүлдүргөсү баргектүү
Камчы учуна чок койгон,
Түшкүнүнө карандын
Элиге ченеп ок койгон,
Тийгенинде тим эле
Чабал адам жоголгон,
Чапканында күчтүү адам
Саруулай түшүп оңолгон»,
Шилтегенде чаң кеткен,
Шилтеп тартып алганча
Кара кочкул кан кеткен,
Саргара түшүп ал кеткен.
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерип,
Акундун кызы Чүрөктү
Каң дегизе бейбакты
Капталга тартып жиберип,
Бүрүштөгөн канчыктын

www.bizdin.kg



Букмөлүү ала көйнөгү
Бугушунөн сөгүлдү,
Булкулдөп каны төгүлдү.
Кара күлдүү көйнөгү
Капталынан бөлүнүп,
Ойкуштаган карандын
Кылкылдап каны төгүлдү,
Алы кетип алсырап,
Ошондо Чүрөк кансырап,
Беризаада бейбактын
Ботодой көзү жайнады,
Айла кетип Айчүрөк
Баатыр шерди каргады:
«Боору оорудум болбодуң,
Болбой көкжал оңбодуң,
Ойлосо жанды койбодуң!
Барганыңдан келбечи,
Базар үйүң көрбөчү!
Кеткениңен келбей кал,
Ичимде үч ай күмөн бар,
Күркүрөп кайра келбечи!
Күлүстөн төрөм, оңбой кал,
Күмөнүңдү көрбөчү!
Барганыңдан кайтпачы!
Сен келип керээз айтпачы» –
Баарыдан каргап Айчүрөк
Ачууланып жинденип,
Артык каргап алды эле,
Чымындай жаны чыркырап,
Каптал эти быркырап,
Беризаада бейтаалай
Бекем каргап салды эле.
Чекири жок кой көздүү
Сепкили жок ак жүздүү,
Ал Айчүрөк катындын,
Акылы артык капырдын,
Беризаада бейтаалай,
Бегинен камчы жегенде
Эти ачышып чыркырап,
Эпсиз каргап буркурап,
Жаны күйүп чыркырап,
Жаман каргап алыптыр.
Мөлтүрөгөн бейтаалай
Беризаттын кызы экен,
Касиеттүү жан экен,
Алты ай мүшкүл азапты,
Азыр айтып берүүчү
Колдогону бар экен.
Беринин кызы Чүрөгүң
Мелтиреген дүмөгүң
Карасам мынча жан экен,
Карабет жайын сураба.
Азап, тозок, мүшкүлдү
Билип турган жан экен.
Каргаганды оң кылбайт.
Эрдинде мени бар,
Тилинде сөөлү бар,
Кереленсе оңбогон,
Кереметтүү канчыктын
Каргышы ката болбогон.
Тиктегени тим өлгөн.
Каргаса ката кетпеген,
Чындап каргап ийгени
Жети күндөн өтпөгөн.
Чын балакет Айчүрөк
Төрөсүн каргап момунтип,
Токтоно албай чыркырап,
Каргышын кайрып алууга
Кайран катын буркурап,
Кече көр – деп, Кудайдан
Жана тилеп буркурап,
Каргышым сууга болсун – деп,
Арып алты дубаны
Ашкере окуп алды эле,
Каргышым кара суугa – деп,
Каарланып Айчүрөк
Кара сууга түкүрдү.
Кара булак кайнар суу

www.bizdin.kg



Түбү менен түгөнүп,
Кургак болуп калды эле,
Каргышынын каарынан
Кара суу  соолуп калды эле.
Кайгыланды Айчүрөк,
Каргышым ташка болсун – деп,
Кара суу эмес, сен көтөр,
Түптүү кара ташына
Ырым кылып Айчүрөк
Түкүрүп туруп калды эле.
Түкүрүп ийген заарына
Жолум үйдөй кара таш
Жон-жонунан чыркырап,
Кат-катынан быркырап,
Как жарылып кетти эле.
Каргыштын күчү ушундай
Каргап Чүрөк оңбоду,
Каргабай аны койбоду.
Ак күмбөздү тайыйм – деп,
Атасы көкжал эр неме,
Акыры көкжал болбоду.
Каргышы жаман себеби:
Ооган каны Акун кан
А да оңой эмес, баатыр жан.
Белестин белин чалганда,
Белден чыга барганда,
Белендин ээн белинен,
Бери ойногон жеринен,
Каймана жүрсө кабылган,
Ай талаадан табылган.
Токтобой тою союлуп,
Аты Чүрөк коюлуп,
Бактага салып орогон,
Беризатка жорогон,
Калың журтка той кылып,
Кан Акундун казына
Арбынырaак корогон.
Бир ырымдуу бала – деп,
Кулак уккан карылар
Куйма кулак кыйла жан
Бери жакка жорогон,
Кошомат кылып Манаска
Белкуда кылып коюлган.
Берекелүү бейтаалай
Ошо бериден артык чуулган
Белгилүү Чүрөк каргады.
Чуулганды канкоруң
Мелтиреген бейтаалай
Чүрөктү уруп салганы,
Арттырганы ак чатыр,
Атадан артык чоң баатыр,
Токсон кысыр бээ алып,
Толуп атан төө алып,
Алтымыш жигит кошчу алып,
Ак күмбөзгө барды эле.
Атайы тайыйм муну – деп
Кымбат Манас көкжалдан
Кыйынга калган жез казан
Асып койсо кол баткан.
Бир гана эмес карaанга
Жүз төөнүн эти мол баткан.
Кожосан көкжал барында
Кемегени ойдурган.
Жекейбозго бүктөткөн,
Аземдетип каранды
Нар буурага жүктөткөн,
Жүздөн бээден сойдурган,
Берекелүү жез казан.
Сапарга жүргөн сан колдун
Ачса кардын тойдурган,
Айкөлүңдүн сан жылкы
Сан түмөндөп союлган.
Жер жайнаган кол барып,
Жер майыша мол барып,
Берекеси ушундай,
Сан түмөн кол тоюнган,
Ичине май кайнаган,
Кырк кулактуу жез казан,

www.bizdin.kg



Берекеси жайнаган.
Нар төөлөрдөн союлган,
Алп-дөөлөр барып тоюнган,
Касиеттүү казанды
Балбанга асып алдырып,
А казандын ичине
Токсон боз бээ этинен,
Былкылдатпай салдырып,
Ал күмбөздүн өзүнө
Семетей төлгө салды эле,
Ургаачынын урлуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Зайыпзаттын башаасы,
«Энекем айткан кеп эле:
Чын арбагы бар болсо,
Белги берет» – деди эле.
Бири тирүү шер атам,
Колдогону зор атам,
Ай-ааламды буй кылган
Арысландай чоң атам.
Энекем айткан кеп эле,
Оң бөйрөгүң таянып,
Ойронум атам – деп барса,
Кудай берер чак болсо,
Кулунум, сенде бак болсо,
Ишиңди Кудай оңдосо,
Сени илгерки атаң колдосо,
Уулум, жолуңдан кырсык болбосо,
Күмбөз ичи күүлөнөт,
Күңгүрөнүп сүйлөнөт,
Туурасынан туш чыгат,
Бет алдыңан күңгүрөп,
Берен атаң унчугат,
Атайы көзүн салганы.
Күмбөз ичи күүлөнсө,
Көк букадай күңгүрөп,
Өкүрүп күмбөз сүйлөнсө,
Атаңын колдоп алганы,
Азыр балаа кылалбайт
Ааламдын келсин балбаны.
Ак күмбөз тайып кулунум,
Атаңа малың атап кел,
Күңгүрөнбөй тим болсо,
Күрдөлүү тозок, мүшкүл иш,
Тайыбастан кайта кел!
Белги болбой калды – деп,
Энекеңе айтып кел,
Бул белгиси бар эле
Күмбөздүн кутпа бетинен,
Өйүзгү тарап четинен,
Чын дүйнө кеткен атаңдын
Чынар багы бар болсо,
Жалпак өркөч кара нар
Кан атаңдын Желмаян
Чуудалары бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Төрт аягы балпылдап,
Алдыңкы ээрди шалпылдап,
Көңүлдө эчен санаа бар
Колуна чырак шам алган
Ал өркөчтүн үстүндө
Бир жыланач бала бар.
Жуманын кадыр түнүндө
Чын колуна шам алып,
Жыланач бала минчү эле,
Бири тирүү Желмаян,
Жолу болчу кишиге
Кадимкидей көрүнүп,
Дагы тирүү жүрчү эле,
Энекемдин кеби эле,
Эсен болсоң кулунум,
Айтылымыш көрүнүп,
Белги берет деди эле,
Чын белгиси бар бекен?» –
Деп, ошентип, Семетей
Ал күмбөзгө барганда,
Назарын камдап калганда,
Алтын жаак айбалта

www.bizdin.kg



Оң бөйрөккө таянып,
Солкулдады кайран эр,
«Ойрон атам калды – деп,
Эми болкулдады кайран эр.
«Жарды бөлүп өздөп ал,
Жана көкжал кан атам
Жалгызың келди көздөп ал!
Күмбөзүң кызык коргончо
Он эки бирге кол берген
Күйгүлтүк атам ойгончу!
Алп каракуш кыраандын
Түнөөсүндөй кан атам,
Калкылдап турган асмандын
Тирөөсүндөй кан атам.
Жаханга кулпу керектин
Бир өзүндөй шер атам,
Токсон дайра толкуса
Куюлуштай эр атам,
Токсон тоонун түгөнүш
Урунуштай шер атам.
Колдобосоң болбочу,
Которулуп үн салып,
Мени кабылан атам колдочу!»
Өкүрүктү салганы
«Кең Алтайда туулган,
Ааламга салган чуулган,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, олжо алган,
Орчун элге кол салган,
Олуя атам колдочу.
Ала-Тоо күтүп жер кылган,
Ала-Тоонун кыргызын
Эби менен эл кылган.
Эй, султан атам, колдочу!
Он олуя чогулса,
Бата болгон шер атам,
Бардигер журттун баарына
Ата болгон шер атам.
Көз жетпеген мунарык
Кара зоңкок бел атам.
Ай-ааламды эл кылган
Айланайын шер атам,
Жолуң артык жолдосоң,
Жалгызың келди колдосоң!»
Кыйкырыгы таш жарып,
Кулак-мурун жеп барды,
Аскар тоодой мунарык,
«Арысланым атам» – деп барды.
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкулдаган эр чиркин
«Султан атам!» – деп турду,
Оң бөйрөгүн таянып,
Олбуру кулак жеп турду,
«Ойрон атам!» – деп турду.
Кылайып күмбөз кылк этпейт.
Белги берип былк этпейт.
Мына ошондо Семетей
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көкжалыңыз ушундай
Көзүнүн жашы төгүлүп:
«Жарча белес, кыядан,
Жапалуу мүшкүл иш кандай,
Жалгыз элем уядан!
Кармап минер буудан жок,
Кайгырып ыйлар тууган жок,
Казатка минер Аккаңкым
Аяш атам Алмамбет кылган эзрим жок!
Медер кылып көрүүгө
Эч болбосо жээним жок,
Жүрөк толкуп, мээ кайнайт
Жалгыз жаратканга* көөнүм ток».
Күмбөз ичи күүлөнбөйт,
Атакемдин ак күмбөз
Артык Кудай берчүдөй,
Же кабар салып сүйлөнбөйт.
Бүгүн кымбаттуу тууган кайран жан
Кыстоону көрүп өлөт бейм,

www.bizdin.kg



Кыйын жаңжал, чоң мүшкүл
Кысталак бу жан көрөт бейм!
Ич өрттөнүп боорум чок,
Жалгыз баана кылган Күлчором
Менде ушундан башка караан жок.
Жайдаңдаган ач арыслан
Жалгыз Күлчором турат көңүл ток.
Карын бөлө кул эле,
Кан Көкчөнүн уулу эле,
Үмөтөй союп бүктөдүм,
Бууданым Буурул атка жүктөдүм.
Кытайды бузуп кайрылып,
Ошо күн өлгөн экемин
Кызыл Буурул тайкы жал
Арбуурулдан айрылып,
Арбайып жөө калганым
Окуз болор жаманат.
Биттейимде биригип,
Бармактайда баш кошкон
Атадан калган мураапым
Күлүгү жанга сынаакы
Таалайга жазган мураапы
Бир муталак, чоң мүшкүл
Көргөнү берген экемин,
Арбуурулдан айрылып,
Ажалдан мурун кайгырып,
Ээ, чиркин, өлгөнү келген экемин.
Киши кылбас дүмөктү
Көргөнү келген экемин,
Арбайтып бутум сур атка
Артканы келген экемин,
Азап, мүшкүл душмандан
Тартканы келген экемин.
Күмбөз ичи күүлөнбөйт,
Күл ойрон абаң өлөт бейм,
Артык казат чоң мүшкүл
Менин Күлчоро иним көрөт бейм.
Энекем айткан кеп эле
Төлгө салып башынан
Белгиси жок деди эле.
Эй, кагылайын Күлчором,
Баана кылган шер чором,
Баарыдан мыктуу эр чором,
Ай карарып бүркөлүп,
Түн түгөнүп калган бейм.
Ай бөксөрүп күн өтүп,
Дагдыр каалап суу бүтүп,
Э, ботом, күн түгөтүп калган бейм.
Береки назыр кылган көп этти
Бат бышырып көргүлө,
Жетпеген бакыр, календер,
Жесир, жетим мискинге
Назыр кылып бергиле.
Куран окуп кайткыла
Бүгүн ойноп турат жүрөгүм,
Балдар, ордого аман тарткыла!
Бузулуп кетти көргөн түш,
Кыйын жаңжал чоң дүмөк
Адам кыйчалыштайт биздин иш.
Эй, айланайын Күлчоро,
Тоодогу жылкым токсон сан.
Толгону тулпар алабаш
Тобурчак, тулпар кара жок,
Тоңкоюп кетсем окуздан
Ажал жетип, күн бүтүп,
Дагдыр жетип, көр каалап,
Өтүп кетсек окуздан
Кайра келбес чын жайга
Ушалансак кокуздан
Кудай каалап жазганга
Көтөрбөскө чара жок,
Арт жактан эркек бала жок.
Карасак бекер көрүнөт
Ушундай окшойт дүйнө бок.
Чором, өзөндүү чөптөй оңомбу?
Кан аталап, кеп укпай,
Кайгырып ыйлар бала жок,
Өрт өчкөндөй боломбу?

www.bizdin.kg



Күлчором, кабарында бар бекен?
Бузулду менин акылым,
Алган эчен катыным,
Букардан бери тартарда
Кызыр чалган кыргызга
Андан бери кайтарда
Таяжебиз Чачыкей
Тартууга алган катыным
Мындан бала көрбөпмүн.
Жүрөк толкуп, ич күйүп,
Кетти менин акылым,
Көкөтөйдүн ашында
Көкжал атам кашында,
Кары Кошой башында,
Аладан айдап сөгүлтүп,
Зор айбандын башына
Алачыктай буладан
Көкүлүндө көрүнтүп,
Карадан сандап мал берип,
«Кудамын» – деп мал айдап,
Кулдук уруп, май чайнап,
Калың журтка шаңдаган,
Тоюнбай менде калбаган,
Тогуз жүз кызыл нарларды
Калыңың – деп байлаган
Тою кесер кан болгон,
Аты угулуп ааламга
Адам чуулап, шаң болгон.
Кара чачып, мал берип,
Ата каалап, шер тапкан,
Адам каалап, эр тапкан,
Каалап алган Айчүрөк
Кадырлуу болгон катыным
Эл бузулуп, журт өлүп,
Дүмөктү болгон капырың
Жүктөгөнүм бил болду,
Алышым далай жыл болду,
Бастырып үйдөн чыкпадым
Ма эткендин курган жан
Бала үнүн укпадым
Кадырлуу катын Айчүрөк
Мындан бала көрбөдүм,
Өзөн бойлой кономбу?
Дагдыр каалап, күн бүтсө
Баягы уул дедирбей
Өрт өчкөндөй боломбу?
Атаңдын көрү, Күлчоро,
Алда кылса буйрукка
Эр көтөрбөс чара жок.
Эсил көзүм жумулса,
Эсил атам өлдү деп,
Эчкирип ыйлар бала жок,
Чиркин ушундай белең дүйнө бок!
Канатымдан кайрылып,
Ушунтип өлмөк экенмин,
Буурул аттан айрылып,
Өзүм каалап биле албай,
Билгичтер айтса тил албай,
Маңдайга тийген жазайыл
Көргөнү чыккан экенмин
Тагдыр каалап, күн бүтүп,
Өлгөнү чыккан экенмин».
Караргандан түнөрүп,
Капа болду Семетей,
Күн көңүлүн бөлбөдү,
Кайран энең Каныкей
Айтып койгон чоң төлгө
Күмбөздөн белги көрбөдү.
Күлүстөн тууган кайран шер
Күңгүрөнүп күйүнүп,
Күлүстөн жандан түңүлүп,
Баатырың былкылдай басып
күйүнүп,
Айланып турду кобо албай,
Алапайын табалбай,
Алек болуп турду эле,
Үңгусу болот Сырнайза
Жерге муштай урду эле,

www.bizdin.kg



Алмамбет кылган Акканкы,
Ал көкжалга чак каңкы –
Алдыңкы кашы ак алтын,
Арткы кашы чылк күмүш,
Эки каптал эң темир,
Эсеби жок Акканкы ээр
Акканкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Уйку басып камынып,
Ок өтпөгөн Аколпок
Айкарадан жамынып,
Кутпа жакты баштанып,
Зулпукорду жазданып,
Сурнайдай шер көкжал
Алп уйкуну салды эле.
Сунган буту тартылбай,
Жумган көзү ачылбай,
Козголбогон кокуюң
Коңуругу басылбай
Ал укташтан кенебей,
Жоо келет – деп кайран шер
Бучкагына теңебей
Эрдик менен шердикти
Эгем талаа көкжалга
Берген экен ченебей,
Жапачылык мүшкүлдү
Кындырына теңебей,
Кызыр чалган Семетей
Уйкуга кирди кенебей.
Кан уйкуга киргенде
Кайран көкжал Күлчоро
Азыр кылган ак боз бээ
Касиеттүү зор казан
Ай-ааламды тойгузган,
Берекеси чоң казан
Кызмат кылар көп балбан
Кылайтып эти бышбаптыр.
Бул эмине шум жалган?
Балбандары, шерлерин,
Баарын айдап элдерин,
Кургак шилби, табылгы
Отунга Чоро камынды,
Ээрчиткен балбан эки жүз,
Эт бышырып калууга
Бүткүл баары жабылды.
Түптүү чынар теректи
Түбү менен томуруп,
Курган балбан Күлчоро
Куурап калган чынарды
Таш талканын чыгарып,
Тамыры менен омуруп,
Алып келип баарысын
Отун кылып жакты эле,
Анда казан кайнабайт,
Каарланып күйүнүп,
Капа болду шер Чороң
Кайран жандан түңүлүп,
Адырмакты чалды эле,
Атасы Манас көкжалдан
Калган экен куу дөңгөк.
Чабылгырдын отуна
Куу дөңгөктү салды эле,
Түбү түшкөн зор казан
Кыймыл этип кылк этпейт,
Бир чымырап былк этпейт,
Казан түбү кызыбайт,
Эти турмак карандын
Чымырап суусу ысыбайт,
Түлөө кылса талаада
Эти бышпайт дегенде
Бышпай турган тамагы
Ээсин жутат дечү эле,
Ал ээсинен тайыса
Артып жүргөн кара нар
Төөсүн жутат дечү эле,
Улуусунган, кансынган
Дөөсүн жутат дечү эле.
Аргын менен кыргызды

www.bizdin.kg



Ушу казан сорот го,
Талкаланып далай журт
Такыр талкан болот го,
Бузулган го көргөн түш,
Кыйчалыш болду ушул иш!
Көзүм урган көп тартат,
Көкжал абам өлчүдөй,
Оң далы урган көп тартат
Бир дүмөктү көрчүдөй.
Көз илинип уктасам
Канча кызык көрчү элем.
Кырк чилтен, Кызыр Ныязым
Кырк эки сан кол болуп,
Туш-тушунан козголуп,
Жоого мындай киргин деп,
Жортуулга мындай жүргүн деп,
Жолду мындай чалгын деп,
Айзаны мындай сайгын деп,
Жолдош болуп берчү эле.
Кырк чилтенден бирөө жок
Касиетим качкан бейм!
Астында минген Буурул жок,
Коңуругу таш жарат,
Кокуй, абаң көкжалды
Чын топурак баскан бейм!
Чын кырсык курчап урган бейм,
Азирейил жан тарткыч
Абакем аңдып турган бейм.
Эл ашпаган Каракыр
Белди Кудай сактай көр,
Эчен кыргыз түркүгү
Шерди Кудай сактай көр!»
А дүйнө кеткен Алмамбет
Арбагына жалынып,
Алапайын табалбай
Эт бышса деп камынып,
Бышкан этти караса,
Кызматчысы көп балбан
Опол-Тоодой чык кылып
Казанга салган чоң жаңжал.
Кырк кулактуу жез казан
Мурунку өткөн Манастан
Мурага калган чоң казан,
Алп чогулуп калк жеген
Мөмө болгон ал казан,
Баатырларга шерлерге
Кармашка чыккан эрлерге
Эне болгон ал казан.
Түбү оюлса Бөлөкбай
Дөөтүлөрдү жайды эле,
Төрт-беш жылы кеңешип,
Түбүн азыр куйду эле,
Бардыгынан Манастын
Өөдөрөк кылды эле.
Чагылгырдын казаны
Чарт айрылып, төрт бөлүп,
Ичинде ашың төгүлгүр,
Абакемден башкараак
Картайганда сен казан
Бакай канга көрүнгүн,
Чыйырдынын көзүн же,
Аздык кылса Каныкей
Энекемди кошуп же,
Сары абам шерди дагы же!
Казан кайнап, эт бышпас!
Каны карап дечү эле,
Түлөө эти бышпай түнөрсө
Төрөсүн жутат дечү эле,
Эми эмне болду деп?
Чыккан этин сузгулап,
Басып турат Күлчоро,
Тегереке сорпосун,
Чачып турат Күлчоро.
Казан кайнап, эт бышпай
Карасаң мүшкүл болгону,
Алек болуп, эл чарчап,
А казандын балаасы
Он эки күнгө толгону.

www.bizdin.kg



Он эки күн эт бышпай
Чын балаа мынча болгону.
Анда-мында казандын
Орто жери олкулдайт,
Чеке-бели казандын
Билер-билбес солкулдайт,
Калган четтен казандын
Кандуу көбүк буркулдайт.
Күлүстөн мыкты Күлчоро
Алапай таппай күйүнүп,
Өөдө-төмөн түйүлүп,
Өлдүк – деп жандан түңүлүп,
Айла таппай Күлчоро
Абасына барды эле:
«Астыга салсам ак жолум,
Абаке, султан сан колум,
Деңиз булак, кең дайрам,
Кебелбеген кан абам
Уктаса уйку канбайбы?
Жатса жамбаш талбайбы?
Мурага тиккен бакыр жок
Уйкудан ойгон абаке,
Мурункудай чагың жок,
Уктай бербе жөнү жок.
Анткордугуң сында жок,
Аш кайнабай, эт бышпай,
Артык мүшкүл күн болду,
Бул эмине болучу?
Күркүрөгөн кабылан
Бу белги кандай жоручу?
Түлөө кайнап, эт бышпас
Бу кандайча болучу?
Бу белгини жоручу?
Узун кулак карыдан
Уктуң беле мындайды?
Укунчул журттун баарынан,
Атбороюн сыдырган
Эл эскиртип, журт көрүп,
Төшү түктүү кара жер
Төрт айлана кыдырган,
Бабам Бакай карыдан
Уктуң беле мындай иш,
Опол-Тоодой от күйүп,
Чынар бүктөп сунганбыз,
Толукшуган казанга
Тозок оту кылганбыз,
Казан кайнап болгон жок,
Азыр ашың бышкан жок.
Ушундай белең дүйнө бок.
Кокуй аба, козгол!» – деп,
Күлчороңуз муну айтып,
Эр султанды ойготту.
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Коңуругу басылып,
Короздой болгон кайран шер
Умачтай көзү ачылып,
Күлчорого муну айтат:
«Ашың бышпай турганы
Алың чарчап калганың,
Ата ордуна кармаган
Асыл абаң көкжалдан
Чором, айрылганы турганың!
Аш кайнабай, эт бышпай
Адам иши оңолбос!» –
Деп ошентип Семетей:
Бышпай турган бул ашты
Бөрү бөлүп, ит тойсун,
Бул ашыңызды ит жесин!»
Ачууланып канкор шер:
«Кадырлаган ашыңды
Бүгүн Кадыр Алда кудурет
Жерге тартты башымды». –
Деп, ошентип, Семетей!
Кармай калып имерип,
Каң дегизе казанды
Капталга тартып жиберди.
Казан алты бөлүндү,

www.bizdin.kg



Ичинде ашы төгүлдү,
Кабыландын көкжалдын
Кайгысы мынча көрүндү.
Чын эсебин тапты эле,
Жоо ээлеген казанды
Жети бөлө чапты эле.
Жеткилең тууган курган шер
Жетип келип караса,
Калк аманын кааласа,
Кароолдогу Канчоро
Калбай келет бакырып,
Жоо келатат камын – деп,
Эки эренди чакырып,
Бил териси добулбас,
Үнүн уксаң оолак кач,
Буйрук кылып айтканда
Шашканда кагат балбаны,
Анча-мынча кулактын
Жөн эле чыгат далдалы,
Белги бекем кагылып,
Казан аскан көп балбан
Атка минди жабылып.
Салса уруш чоң жаңжал
Кайда болсун калкта арман
Ал Канчоро бакырат,
Башкы жагы кебинин
Сүйүнчүлөп чакырат:
«О, ботом, мен көргөнду көрдүңбү?
Күлчоро менен Семетей
Күлүстөн экөөң камынчы,
Мен туйганды туйдуңбу?
Үйүрүн жазбай топ келет,
Ошо топтун ичинде,
Панарлаш жанган от келет,
Өрттөп кетчү кол келет,
Кол келгенде мол келет,
Казылган чуңкур ор келет,
Касаба туу көтөрүп,
Түркүн-түркүн жоо келет
Келген колду карасам,
Калк аманын кааласам,
Жедигердин көп колу,
Жер майышат болжолу.
Мен келгендерден кеп уктум,
Жети-Суу бойлой конду дейт,
Жедигердин эр Кыяз
Эр Толтойдон миң эсе
Артыгыраак болду дейт.
Ордо күтүп, кан болуп,
Оройлонуп, журт ээлеп,
Адырга салган там болуп,
Жети-Сууда жедигер
Жеке басар кан болуп,
Кайыр берген жедигер
Денеси калып, башы жок,
Эр Кыяздан жай болуп,
Журт бүлдүрүп, эл айдап,
Шерин айдап келатат,
Сабаса тарпты кетирчү
Эрин айдап келатат,
Кармашса канды төгүүчү
Шерим айдап келатат.
Азар-түмөн кол келет,
Азгана эмес, мол келет,
Атырандап кармашсак
Алаткүн жанга зор келет.
Адам жеңип алгысыз,
Айлалуу чыдап баргысыз.
Арага элчи салгысыз,
Кезикken тирүү калгысыз.
Түркүн-түркүн бөлүнүп,
Бир балбаны Жедигер
Санга жакын көрүнүп,
Кум-Кыянын жээк жол
Кайнап чыгып келатат,
Курт экени билинбей
Жайнап чыгып келатат.
Көтөрмөнүн белинде

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Көбү чыгып келатат,
Кайран Кыяз баатырдын
Бети чыгып келатат.
Суусамырдын четинде
Теңи түшүп келатат,
Бек-Жайлоонун боюнан
Каны чыгып келатат.
Кара-Буура, Чаткалдан
Кумдай каптап жедигер
Дагы чыгып келатат.
Өзөн-өзөн буркурап,
Чаңы чыгып келатат,
Жүргөнүнөн бурулдап,
Чаңы чыгып келатат.
Көргөн-билген адамдын
Жаны чыгып келатат.
Уңурайтып айзасын
Как жыгачка аштаптыр
Такыр кыргын болдук деп,
Болбосо көкжал кан ичме
Семетейди сойдук деп,
А болбосо өлдүк деп,
Кайра тартпас чын жайды
Жети-Суудан бастырып,
Бери чыксак көрдүк деп,
Ай касаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Жер жарылган кол болуп,
Жети-Суудa жедигер
Түп көтөрө козголуп,
Аз гана эмес, мол болуп,
Айдап чыгып келатат.
Куртча кайнап жедигер
Курган Кыяз чаң каны
Жайнап чыгып келатат.
Кылыччаны бетинде,
Кыж-жыж этип жедигер
Кыйындары четинде,
Балтачаны бетинде,
Бакырыгы баш жарып,
Басып келет жедигер
Балбандары четинде,
Мылтыкчаны бетинде,
Курттай кайнап жедигер,
Мунун мыктуулары четинде,
Мылтык атып, жаа тартып,
Баптаганы келатат.
Айза сунуп балта уруп,
Жедигерди ант уруп,
Каптаганы келатат.
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Конушканы келатат,
Ажыдаардай чайнашып,
Айза муштап жайнашып,
Өпкө жарып баш кесип,
Жайлаганы келатат.
Кыйынсынган аз журтту
Бу жедигер кырат бейм,
Кызыкты башка салат бейм,
Кыңшылатып кыздарды
Олжого тартып алат бейм.
Толтой өчүн алдык деп,
Талканды таза салат бейм.
Берендерди, кандарды,
Туулган эптеп балдарды,
Толуп жаткан жандарды,
Такыр кырып салатбейм,
Тоодо жылкы токсон сан
Токтотпой тийип өтөт бейм.
Толкуп калган жедигер
Түпкө түп-түз жетет бейм,
Түгөнгөн журттун баарысын
Олжого айдап кетет бейм.
Кыздар кыңшып токтобой
Кыйын олжо болот бейм.
Кыжылдаптыр жедигер
Кыйла канды сорот бейм.
Үркүн-үркүн балбаны

www.bizdin.kg



Көзүмө суук көрүндү,
Көкжал жедигердин жаңжалы
Ашып-ташып салышса
Адам чыдап барабы?
Кыжылдаган жедигер
Кыйын экен абыдан
Кылым чыдап калабы?
Коломтодон кор көрүп,
Шашып өлөр бекенбиз,
Жетигерден кулдук деп,
Тартуусуна нар тартып,
Алда нече мал тартып,
Арам өлөр бекенбиз,
Жаш күчүктөй кыңылдап,
Арам өлөр бекенбиз?
Билсең Кыяз зор келет,
Кайран жанга чоң келет,
Астындагы Тоотору
Булуттай учкан мал экен,
Үстүндөгү эр Кыяз
Миң адамча бар экен,
Калча менен Кадырбай,
Төмөн жагы Төлөбай,
Төрт миң колчо бар экен.
Каарланса ааламды
Карап кылып өткүдөй,
Кармаш кылса ааламга
Кыргын салып өткүдөй,
Каарланып какайса
Өзөн сууну бургудай,
Өчөшүнө тийгенди
Өрөпкүгөн жедигер
Өлтүрүп талкан кылгыдай.
Төрт жактан кол каптатып,
Жеткен жерин тебелеп,
Жер алдына таптатып,
Жетик колун ачкыдай,
Тоону-ташты талкандап,
Кара жол кылып баскыдай,
Арбаңдаша кармашса
Кабылган жанды жанчкыдай.
Аалам журту козголсо,
Аз гана эмес мол болсо,
Атаңдын көрү жедигер,
Бир сапарын баскыдай,
Кыйшаңдаша кеткен жан
Кыямат жүзүн көргүдөй,
Кызырканып кармашса
Кыргыз түгүл тим эле
Кылымдын журтун бөлгүдөй,
Каарын карай калган жан,
«Капырай, төрө, кулдук» – деп,
Чын алдына жыгылып,
Чын багынып бергидей.
Күмүш көздүү, күн жүздүү,
Күркүрөгөн эр абам,
Өзүң мында турасың,
Жоого шайдоот чын баатыр
Жолсуз кыраан Күлчороң
Эриң мында турасың,
Жедигер колун токтотуп,
Өрүшүнөн ар алып,
Арга артып дилде алып,
Суптан чапан кийгизип,
Сулуудан тандап кыз алып,
Сучкоёнго мингизип,
Калың кара жедигер
Калкына муну тартсак бейм;
Чатакташпай, чырдашпай,
Жыл өткөнчө урушпай.
Кылча калбай жалгыз жан
Кырылышып урушпай
Дегенине көнсөкчү,
Тартуусун такыр берсекчи.
Айтканына көнсөкчү,
Тулпар оозун бурсакчы,
Кол көтөрүп, чуу туруп,
Багындык деп турсакчы.

www.bizdin.kg



Тартуу тартмак нар берип,
Тартууга далай жан берип,
Дегенине көнсөкчү,
Сураганын берсекчи.
Чатакташпай, чырдашпай,
Калайык багып алсакчы.
Бу калаба жаңжалдан
Аман-эсен калсакчы,
Түбүбүз бирге, жан бирге
Башынан тууган элек деп,
Жүйөөлүү кептен салсакчы.
Астын тозуп бу селдин
Аман-эсен калсакчы.
Аргын менен кыргыздын
Кыздарын жыйып алсакчы,
Чубатууга салсакчы.
Багындык – деп, кыз тартып,
Баатыр Кыяз, токто – деп,
Ургаачыдан уз берип,
Кызыл көйнөк, айча бел,
Кылтыңдаган кыз берип,
Колуңду тый – деп айтсакчы.
Аман-эсен кайран журт
Айылга аман кайтсакчы,
Кудалашып мал айдап,
Кол куушуруп, май чайнап,
Бир табактан эт жешип,
Туугандашып беттешип,
Толтой куну* мынча деп,
Үзүр-назир айтсакчы.
Бу Таласты жер кылып,
Жедигерди эл кылып,
Жан-жабыла консокчу.
Жаңы тууган болсокчу.
Айтканына көнсөкчү,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эми колго алгын – деп,
Элди жөнгө салгын – деп,
Калкка кабар салсакчы,
Бу Таласка Кыязды,
Кан көтөрүп алсакчы!» –
Канчоро мындай дегенде
Безге сайган немедей
Ыргып кетти Күлчоро:
«Чубактан тууган сулуу элең,
Менден үч жаш улуу элең,
Тай-кунандай тебишкен,
Сурашып эмчек эмишкен,
Кулак угуп, көз көргөн
Дос-туугандын баарына
Ушу турган канкор шер
Качан бала дегизген?
Кайгып, чардап кеп айтып,
Арамдык кебин жаттайсың,
Жедигердин Кыязын
Желмогуздай мактайсың,
Канчоро сени ант урсун!
Ата-баба арбагы
Алмамбет, Чубак кырааны
Сыргак, Серек шерлери,
Көкжал Манас эрлери,
Кыңайып сүйлөп кылт этсең
Эки кылып кебимди,
Каадасыз кылып сөзүмдү,
Капкара кылып бетимди,
Сен өңдөнүп Канчоро,
Арамдык кылып отурсам
Азыр Кудай мени урсун!
Арам кепти көп салдың,
Аяк жагын Кыязды
Кан көтөрөм – деп салдың,
Ушу жактан жеп салдың.
Талас оңой жер бекен,
Таласта аргын, бул кыргыз
Жети-Өзөнду жердеген.
Жедигерден кем бекен?
Жерге кирсин Кыязың,
Биздин Семетейден эр бекен.

www.bizdin.kg



Кылымдын каны шер абам
Кыязындан жөн бекен?!
Бул кебиңди ким уксун,
Бир караңгы түн уксун,
Казылуу чуңкур ор уксун!
Мактай бердиң бакылдап,
Чочком, жедигердин колу уксун,
Бөпөлөгөн куш уксун!
Барсылдап үргөн ит уксун,
Андан бөлөк ким уксун!
Түбө-түбө Канчоро,
Кара шайтан сен чоро,
Чалкайың бар сөзүңдө
Чалгыртың бар көзүңдө
Чамаң келсе кутургур
Чалмак болдуң өзүмдү,
Чылбыр чайноо сөз айтып,
Чын балаалуу кезди айтып,
Арбак журтун ант уруп,
Сени Кудай урдубу?
Белди бекем буубасам,
Жети-Өзөндүү жедигер
Жер-жерине куубасам,
Канын карап кылбасам,
Калтырбай элин кырбасам,
Айкөл Манас арбагы
Айланып жүрүп мени урсун!
Азыткыны коштогон
Болбосо, Чоро сени урсун,
Атаңдын көрү, Канчоро
Каадасын көрдүм булардын,
Нетейин деген экенсиң.
Бир түбүнө кыйык кул,
Жетейин деген экенсиң!
Ушу Кызыр чалган көкжалдан
Кетейин деген экенсиң
Эбин таап эптеп түбүмө
Жетейин деген экенсиң.
Жедигер элге кат берип,
Кыязды жыйнап колуңа
Алганы жүргөн экенсиң,
Кыйын мүшкүл бул башка
Салайын деген экенсиң.
Чындаганың эр Кыяз
Алты күлүк ат менен,
Алакандай кат менен,
Алганы жүргөн экенсиң,
Артык дүмөк, чоң жаңжал
Салганы жүргөн экенсиң
Кыйла кызык эл көрдүм,
Этейин деген экенсиң,
Кызыталак ант ургур
Кыялын таап түбүмө
Жетейин деген экенсиң.
Кызыр кылып Кыязды
Кызыталак чочко бул
Сен кетейин деген экенсиң.
Баштатан чалгыртың болду сөзүңдө,
Чалырың жүрдү көзүңдө,
Чамаң келсе кутургур
Чалганы жүрдүң өзүмдү,
Кыйшыгың жүрдү сөзүңдө,
Сенин кыңыртың жүрдү көзүңдө,
Кыябын таап, ой ойлоп,
Кутургур, кылмак болдуң өзүмө.
Каадасы кеткен кызыталак
Каран күн, мүшкүл, чоң жаңжал
Салайын деген экенсиң,
Катындарын канкордун
Алайын деген экенсиң,
Алышып жүргөн Кыязга
Ара жерде бет ачып,
Итим, барайын деген экенсиң.
Бир жаңжалды баатырга
Салайын деген экенсиң,
Кечээ Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Кечээ коштоп кийип суусар бөрк

www.bizdin.kg



Ыргап турган кезимде,
Кошоктошуп бир ойноп,
Жыргап турган кезимде,
Бүтүн кундуз терисин
Жара тилип алганда,
Бадышадай барбандап,
Багалекке салганда,
Кең-Колго сайган багыңды,
Унуттуңбу, ант ургур?
Бая керилип жүргөн чагыңды?!
Кымыз ичип, кыз ойноп,
Унуттуң ошол багыңды,
Канзааданын жалгызы
Каралык кылган оңорбу?
Сендей кара ойлогон акмагым
Ар качан эки болобу?
Бекзааданын жалгызы
Кара ниет болобу?
Канына кара санаган
Кадимки тууган оңобу?
Бегин бейпай кылам деп,
Пендеден сендей болобу?
Эмчектешке ок атсаң
Акыры түбүң оңобу?
Адам сендей болобу?» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Чочугандай муну айтып,
Белгилүү Чоро шумду айтып.
Айтып минтип өткөндө
Манастын уулу эр көкжал,
Шай колдогон шер көкжал,
Козголбогон эр немең
Коңураган кайран шер
Каарланды сабылып,
Кайыптан акыл табылып,
Эки арамга таарынып:
«Аргымак жыйып, ат бактым
Айланып кетсин ал чиркин
Арбуурулдай бууданга.
Азамат багып, шер жыйдым
Асты убайын көрбөдүм
Айланып кетсин тетиги
Абыке, Көбөш тууганга,
Ыраазымын ылайым,
Тууган душман кылганга,
Алдейлеген эки шер
Сен экөөңдү алганда,
Тоюңа токсон сойгондо,
Атыңды уйкаш койгондо,
Жая туурап жегизип,
Каныкейдин эмчегин
Сен экөөңө эмизип,
Анык тууган болууга
Ар тилекти кылганда,
Баабединди бат айтып,
Алдаңызга ат айтып,
Айтылган эрге санат деп,
Айланып учса эки арам
Аркамда медет канат деп,
Арбактаган эки арам,
Жылгындуу, Талас баткалда,
Эгиз тууган таптым – деп,
Жыргап ойноп жатканда,
Эсил кетип энекем
Каныкей айткан кеп эле:
«Күлчоронун эмгенден
Дене боюм дыркырап,
Чымындай жаным чыркырап,
Он устукан, сексен сөөк
Такыр ийип дыркырап,
Күлчоро эмген оң эмчек
Толкуп аппак сүт чыгып,
Бул сага тууган» – деди эле.
Энекем айткан кеп эле:
«Канчоро эмген сол эмчек
Устукан сөөгүм быркырап,
Бу балаң эмчек эмгенде
Кабырга төштүн кат-каты

www.bizdin.kg



Кат-катынан бөлүнүп,
Сол эмчектен кара кан
Кара кан агып төгүлүп,
Туура мээнет Чоронун
Душмандыгы көрүндү.
Уккан ушу сөзүмө
Кулак сал, балам, өзүмө,
Куруп калсын бул балаң,
Чиркин, жоо көрүндү көзүмө».
Энекемдин кеби эле,
Манас атаң куугандай
Кайран энең Каныкей
Тогуз ай тынбай көтөрүп,
Ушунтип энең туугандай.
Мурунтан уксаң сөзүмө
Оң эмчек эмген Күлчоро
Мура болор өзүңө,
Жосуну жакшы сөзүңө,
Сол эмчек эмген Канчороң
Зилинде душман өзүңө,
Жоо көрүндү көзүмө.
Байка, бала, кебимди ук
Багып жүрсөң Канчоро
Балакет болор өзүңө,
Душмандыгы көрүнөт
Эмчегимден кулунум
Кара кан агып төгүлөт.
Зилинде душман көрүнөт.
Жоого салсаң бел болбойт,
Жолу болсун бул чиркин
Зили түбү эл болбойт.
Бадырaң* экен курч болбойт
Башкы ырымы көрүндү
Балакет экен журт болбойт.
Аман жүрүп чоңойсо
Эрешен тартып эр болор,
Эр уулу менен тең болор,
Тууранчак болор сөзүңө
Тууганым – деп ок атып,
Душман болор өзүңө.
Чатак салар көбүңө
Чабышкан жоого кезиксең,
Караң кылар бетиңди.
Көрүнөө чукур көзүңдү,
Ажалыңы жеткизер.
Аман болсо, бул чоро
Абийириңди кеткизер.
Дини бөлөк дининде,
Сага душман зилинде.
Ата-бабаң душманын
Тууганындай көрүүчү,
Тууганым – деп боор ооруп,
Жарыктык атаң кылыгы
Жакынынан өлүүчү.
Бөлөк жайдан тууган таап,
Караан кылып ал деген,
Тууган эмес бул балаң
Тындым кылып сал деген,
Энекем айтса болбодум,
Жалгыз уул не кылар – деп,
Теңиме алып койбодум.
Теги акыркы күнүндө
Бу Канчоро кызыталак
Душман экен зилинде.
Тууган болду душманым,
Ичимде болду бушманым.
Канчоро менен Күлчоро ай
Тууганым – деп жүрдүмбү?
Жалбылдап күйүп кайран жан
Жакынымдан күйдүмбү?
Энекем салган кеп эле,
Эзели душман деди эле,
Кадыр түн энем Каныкей
Каалап айтса тил албай,
Өлөрүмдү биле албай,
Жаман өлмөк экенмин.
Өз Канчором жоо чыгып,
Мүшкүл тартып кайгырып,

www.bizdin.kg



Буурул аттан айрылып,
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этип уургар суусу жок,
Чөлдөн өлмөк экенмин.
Жоо атагы такыр жок,
Элден өлмөк экенмин,
Туман чалып, жер жүзүн,
Белде калмак экенмин,
Тутанып жанып бу жерде
Чөлдө калмак экенмин.
Берен энем Каныкей
Безилдеп айткан кеп эле,
Зили түбү Канчоро
Ырдап айткан ырымды,
Душманга айтып сырыңды,
Түбүңө чогуу жетер – деп,
Бул багышың бекер – деп,
Зили душман жоо чыгып,
Таштап кетер бекен – деп,
Артык мүшкүл, чоң жаңжал
Баштап кетер бекен – деп,
Чоң кыйшыгын көргөндө
Өрттөнүп жанып күйөрсүң,
Эсил катын энекем
Чын айтканын билерсиң.
Берен* энем бейтаалай
Касиеттүү бейбактын
Чоң керетин* билерсиң,
Энекемдин кеп эле,
Зилинде душман деди эле,
Кыялынан кур чыкты,
Кыйын энем долунун
Ботом ошонусу чын чыкты.
Кайран энем Каныкей
Ымыркай бала чагында,
Чоңоё элек табында,
Кылычтап башын алгын – деп,
Тындым кыла салгын – деп,
Бир айтпаган, миң айткан.
Жазайыл куйрук шумдукту
Ушунтип көрмөк экенмин,
Жакын тууган чородон
Ушунтип өлмөк экенмин.
Күмөндү күлүк буудандан
Кордук көрүп туугандан
Жаман өлмөк экенмин.
Күйүп-бышып чок болуп,
Арам өлмөк экенмин.
Атаңдын көрү, Канчоро,
Күлчором менен Канчором,
Эки уялаш тең чором,
Кечээ Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Жылгындуу, Кең-Кол баткалда,
Жыргап ойноп жатканда,
Атына тийип баратса
Атым жалгыз дегендин
Атын союп жечү элек,
Эки шер көзү түз болсо
Балакет кайда дечү элек.
Кесирди Кудай уктубу?
Өпкө тартып, баш кесчү
Өзөлөңдөп душманым
Коломтомдон чыктыбы?» –
Деп, ошонтип, Семетей
Алтын жаак айбалта
Айбалтаны таянып,
Капаланып кол курап,
Каңырыгы бек түтөп,
Турду көкжал коңгурап,
Баатырың баатыр атанып,
Ителгидей кайран көз
Имербестен жаш алып,
Ичи өрттөнүп, көз жайнап,
Тутамга келбей кайран жан
Туталанып шор кайнап,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ичи өрттөнүп боору чок,

www.bizdin.kg



Аласа кел-кел келгенде
Ушундай беле упасыз
Атаңдын көрү, дүйнө бок,
Ичи өрттөнүп жаны чок,
Казатка минчи тулпар жок.
Капаланып токтобой,
Коңгурады Семетей.
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Айкөл шердин башына,
Алтымыш дүмөк бир келип,
Кабырга кат-кат сөгүлүп,
Көңүлү кургур бөлүнүп,
Чубак уулу Чоронун
Душмандыгы көрүнүп,
Чымырканып күүлөнүп,
Чын капа болуп көкжалың
Чымындай жандан түңүлүп,
Алапайын таба албай
Алек болду шер көкжал,
Түлөө кылган эт бышпай
Түйшүктүү мүшкүл чын көрдү.
Арыслandай кайран шер
Аколпогун кийинип,
Аманат жандан түңүлүп,
Болкулдай басып аянып,
Аккелтесин таянып,
Жазайылын салынып
Жаратканга жалынып,
Жай-жаракка камынып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булутча
Каары бетине айланып,
Билеги жоон көйкашка,
Мендеден түрү бир башка,
Канча жерден кат алган
Олуя атадан бата алган,
Он эки бирге кол берип,
Шер болсун – деп аталган
Бурулбаган шер ошол,
Буйдалбаган эр ошол.
Атасынын баласы
Түбү жок кара көкжал ошол,
Жыргал десе күйүнгөн
Жылмайгырдын тукуму
Өлөсүң десе сүйүнгөн,
Шердиги мындай билинген,
Ак маралды үй кылган,
Атышканды буй кылган,
Көк марал кууп уй кылган,
Көздөгөн жерди буй кылган,
Эрен да ошол, шер да ошол.
Эсеби жок эр эле,
Жан жаратып көкжалды
Жакында бербейт деги эле,
Телегейи тең эле,
Ичин көрсөң канкордун
Жер жүзүнөн кең эле.
Кармашкан азар салбаган
Он сегиз миң ааламда*
Зор көкжалдын өзүнө
Укуруk кайрар калбаган.
Баатырлыгы башкача
Балбандыгы бир канча
Азаланып кайгырып,
Дарс окуган сабаты
Буурул аты канаты,
Капаланып кайгырып,
Арбуурулдан айрылып,
Кылт этпеген кайран шер
Кыйындап Кудай жасаган
Атагы шай болгон кайран эр
Канчородон чочунуп
Арторуну токунуп,
Таластан чыккан он төрт ат,
Он төртү тулпар күлүк ат,
Кең көкүрөк тайкы жал
Келишимдүү тулпарлар,
Балтыры бала белиндей

www.bizdin.kg



Басыктары карандын
Кышкы сырттын желиндей,
Чаткаягы чаткалдай,
Үч кошкондун сөөгүнө
Он эки кулак казанды
Асып койсо баткандай.
Боору жазы, сырты кең
Болжолу жок Артору
Артору жайы ушундай.
Көкжал Семетейге мал тору
Канкордун бурак* бул аты
Арбуурулдан кийинки
Атышка минер бул аты.
Арторуну токунуп
Аманат жандан чочунуп,
Зулпукорду байланып,
Аккелтени жайланып,
Касиеттүү Боз кисе
Боз кисе белге чалды эле,
Белги бербей калды эле
Башта канкор кабылан
Боз кисе белге чалганда
Кырк чилтен, Кызыр Ныязы
Кырк миң туура кол болуп,
Кыр жагынан козголуп,
Душманга кырк миң кол болуп,
Жер бузулуп кол болуп,
Көргөн көөнү бөлүнүп,
Колдогону ушундай.
Сан түмөн болуп бөлүнүп,
Кошулуп айза сунчу эле
Кырк чилтен жолдош бир болуп,
Кыйкырык салып турчу эле.
А белгинин бири жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Бир күн артын көрсөтсө
Бир күн бетин көрсөткөн
Ушундай экен дүйнө бок!
Каптап жоо келгенде,
Жоо белгисин көргөндө,
Кара чаар кабылан
Как астынан чамынып,
Кабар салып душманга
Чын комдонуп барчы эле.
Чолок көкжал арыслан
Азыр жетсе жарчудай,
Бир балакет салчудай,
Алжаң уруп турчу эле,
А белгинин бири жок,
Аманат жандан түңүлүп,
Боору өрттөнүп ичи чок
Алп кара куш зымырык
Айкашкан жоону көргөндө
Күңгүрөнүп үн салса,
Добулбасты бир салса,
Алп каракуш зымырык*
Азыр илип келчүдөй
Астынан арбайта бутун салчу эле.
Акылдан танып шашучу
Бу белгини көргөндө
Беттебей душман качучу.
Бу белгинин бири жок.
Атаңдын көрү алакчы,
Алдаган экен дүйнө бок,
Кара башыл ак буура
Казыр чөгүп басчудай,
Касташкан жоого бет алса
Калжаң уруп турчу эле,
Караса көзгө илинбейт,
Касиеттүү келген күч
Кайда экени билинбейт.
Ушундай экен алакчы,
Кайсы экени билинбейт,
Белеске чыгып беттенип,
Белги көрбөй ич күйүп,
Бери ургандай теңселип,
Шер Семетей турду эле,
Кудай бетин көрсөтпө,

www.bizdin.kg



Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Боз ала желек туу чыкты,
Бой-бою артык чуу чыкты.
Өзү кыргыз түрү бар,
Кармашканды жөн эле
Каптап кетчү жини бар,
Ак асаба туу болуп,
Ак ала желек булгалап.
Асман жарган чуу болуп,
Айгай кулак тундуруп,
Асманга учкан топурак,
Аскер кайнап топурап,
Түркүн-түркүн бөлүнүп,
Жайнап чыккан калың кол
Жалаңгыч түрлүү көрүнүп,
Көк мунар сел каптап,
Жерди айзачан эл каптап,
Караса көзгө илинбей,
Камгак учкан немедей,
Кайсы экени билинбей,
Толкуп сан кол бакырып,
Чууга кулак салганда,
Чуудан кабар алганда,
Асты жагы бакырык,
Адам толкуп, журт чуулап,
Кыяздап ураан чакырып,
Кылычтын башы бөлүнүп,
Кылкандай айза көрүнүп,
Жээликкен экен болжолу,
Жедигердин Кыяздын
Жер майышкан сан колу.
Түмөн колдо бедел жок
Таптап чыккан сан колдо
Неминелер бар, нелер жок?
А колдордун ичинде
Кара мылтык карс этсе,
Качып жүрүп өлчү бар,
Чогол мылтык чорт этсе,
Чочуп аттан түшчү бар.
Жоо кайратын көрчү бар,
Баатыр кулдук кылдык деп,
Аттан түшүп берчү бар.
Бадырайып көз жайнап
Тилден калып шор кайнап,
Көрүүчүсү мындан көп,
Кыйкырса аттан жыгылып,
Өлүүчүсү мындан көп,
Ат, тонун олжо алгын – деп,
Өзүм өлбөй калдым – деп,
Аттан түшүп арбайып,
Колго түшүп дардайып,
Берүүчүсү мындан көп.
Жедигердин көп колдо
Түндө эшикке чыгалбас
Коркоктору дагы бар,
Айбалта жаза чабуучу
Чоркоктору дагы бар,
Айза сунса айкырып,
Шашуучусу дагы бар,
Айла тапса айлына
Качуучусу дагы бар,
Жоон өпкө күрсүлдөк
Дардаңдары дагы бар,
Жоонун айласын билген эң ыктуу
Балбандары дагы бар,
Жологонду дүмөккө
Салгандары дагы бар,
Өлүм жактан капасыз,
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Жандап келип жакадан
Алчулары дагы бар,
Жаман мүшкүл бул башка
Салчулары дагы бар.
Белгилүүсү бетинде
Берендери четинде,
Камчычаны бетинде,

www.bizdin.kg



Кайраттуусу четинде,
Азар түмөн көл болуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жана каптап чуу болуп,
Асман жарган дуу болуп,
Көк темир айза булгалап,
Көмөкөйлүү айзаны
Коройтуп өөдө ашташып,
Чоң жаңжалды баштешып,
Белгилүүлөр бетинде
Тоторусун чуратып,
Берен Кыяз четинде.
Турбай мындай жан болуп,
Кадырбай менен Төлөбай,
Туу кармаган ал болуп,
Берен келет, бел келет,
Төлөбай аттуу шер келет
Кадырбайдан калың кол
Качып үркүп термелет.
Тумандаган калың кол
Эр Семетей баатыр кул
Туш-туштан чыккан ушу жол.
Каканчыдан сойлоттук
Кара кайсар, жөө күлүк
Салчы белек чоң бүлүк.
Кытайдан өлбөй кымбат баш,
Кыргыздан өлмөк болдук – деп,
Душмандан өлбөй кайран жан,
Өздөн өлмөк болдук деп,
Аттан өлбөй курган жан
Буудандан өлмөк болдук – деп,
Жоодон өлбөй кайран жан
Тууган дан өлмөк болдук – деп,
Семетей турду калдайып.
Күлүстөнү Күлчоро
Күлөт жанда барбайып.
Күлчоро менен Семетей
Экөөнөн бөлөк адам жок,
Жедигер түмөн, эр жалгыз,
Ушундай экен дүйнө бок,
Кармап минер буудан жок,
Кайран жанга күч келсе
Кара кылар тууган жок,
Корголоп качар токой жок,
Кара кылар ногой жок,
Карагайдын как жалгыз
Канкор жалгыз, душман көп
Ушундай экен ээ жалгыс.
Сарыкан, Бакай каны жок,
Караан кылып отурган
Кайран кыргыз баары жок.
Казаттуу мүшкүл чоң дүмөк
Салганы жетип келатат,
Каптап жандап канкорду
Калың кара жедигер
Алганы жетип келатат,
Айры белес кежендик
Ашканы чыгып келатат.
Астындагы канкорду
Кол чуркурап чуу туруп,
Айза сунуп сыр кылып,
Адам көргүз чыр кылып,
Чоң жаңжалдын Кең-Колун
Ашканы чыгып келатат,
Капырай чоң канкордун дал өзүн
Басканы чыгып келатат.
Кумурскадай кылкылдап,
Куртча кайнап быжылдап,
Жедигерлеп чуу салып,
Жер майышкан туу алып,
Аскер кайнап кол толуп,
Азгана эмес, мол болуп,
Белгилүүлөр бетинде
Тоотору менен аргытып,
Кайран Кыяз четинде.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,

www.bizdin.kg



Тооторудай тулпарды
Кыл куйругун чарт түйүп,
Жедигердин эр Кыяз
Баатыр да экен, эр да экен,
Мендеден бөлөк шер экен,
Белгилүү кара көк экен
Жети-Өзөндөй кайран жер
Эрдикке салып жер кылган,
Жети-Сууда жедигер
Жеткен жерин эл кылган.
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар шер экен,
Сол далысы кең экен,
Согушка камбыл эр экен,
Багыштын уулу Кыяздын
Телегейи тең экен.
Баштатан сырын билгенде
Айтканына кеп кылбай
Көнө турган уул экен,
Агасы Толтойдун кунун мурунтан
Бере турган уул экен,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Ата, келберсиген кул экен,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Өзү кара, көзү тик,
Көп адамдан сөзү тик,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Өзү бил мүчөлү бадирек,
Кыяз жайы момундай,
Керүүсү бийик адырдай
Балкайыңкы кул экен,
Кең-Өзөндүн өзүндөй
Чалкайыңкы кул экен,
Алгыр бүркүт көздөнгөн,
Ак арыслан төштөнгөн,
Жүрүмүнөн чаң чыккан,
Кобуртунан жан чыккан,
Туурасы жоон, бою бас,
Тула бою куйган таш,
Беттешкен жоого болгон маш,
Беделин көрсөң оолак кач.
Эл чогулуп журт дүрбөп,
Тоюна токсон сойдурган,
Атын Кыяз койдурган.
Ак сакалдан бата алган
Баатыр Кыяз атанган,
Жеринде жетик дөө болгон,
Жер жайнаган жедигер,
Жедигерге ээ болгон,
Уялуу коргон там болгон
Ушунча элдин баарына
Улугураак кан болгон.
А дегени эп болуп,
Жети-Өзөндө жедигер
Жедигерге бек болуп,
Кашатка бийик там болгон,
Кадыры оор кан болгон,
Калың кара жедигер
Былкылдатпай кан болгон.
Кайран Кыяз эрендин
Калк башчысы берендин
Телегейи тең экен.
Толукшуган эр Кыяз,
Алакөөдөн, түрс кыял,
Ким айтса мурун кирүүчү,
Айт дегенде ажалга
Тумшугу менен тийүүчү.
Алакөөдөн жан экен,
Көп акыл жок Кыязда
Көөдөктүгү бар экен.
Асылга Кыяз тең болсо,
Көп булакты буй кылып,
Көрүнгөн жерге чыр кылып,
Артык кыргын, чоң дүмөк
Сала турган уул экен.
Чапчышканды багынтып
Ала турган уул экен.
Адамга жаңжал, чоң мүшкүл

www.bizdin.kg



Сала турган уул экен.
Кең багалек, жайдак төш
Келберсиген эр Кыяз
Казандай кара бөркү бар,
Ай-ааламдын баарысын
Сурай турган эрки бар.
Сумсайса сурак алгыдай,
Кыймылдаса чатагы
Жөн эле кылым журтка баргыдай,
Кыяздын түрү ушундай.
Жазгы семиз бугудай,
Даңкандаган кул экен,
Жайлоодогу кулжадай
Даңкандаган кул экен.
Жети-Өзөндүн жедигер
Жыйнап чыгып келатат,
Арт жагынан эр Кыяз
Айдап чыгып келатат,
Кайра тартып качканын
Калтырбай жалгыз бир жанын
Каарын төгүп эр Кыяз
Жайлап чыгып келатат,
Кыяздан коркуп жедигер
Кайнап чыгып келатат.
Шыбырашып калышып,
Амалсыздан кайран эл
Шыпшынышып алышып,
Бирөөсүнө бирөөсү
Керээз айта салышып,
Кызыр чалган канкорго
Тийишчү болсок өлдүк – деп,
Жаман катын, жаш балдар
Кантип тирүү көрдүк – деп,
Журт чуркурап, чуу кейип
Качанда болсо кайран жан
Зордукта жүрүп өлдүк – деп,
Аябаган чоң кыргын
Ата, карап отургун,
Күлчородон көрдүк – деп,
Сакалдуусу карысы,
Чуу туруп, кейип токтобой
Жедигердин баарысы,
Башчыбыздан чоң кордук
Качан да болсок көрдүк деп,
Кордук тартып айдалып,
Канкордон бүгүн өлдүк деп,
Ар качандан, бир качан
Кызыр чалган чоң канкор
Душманча каптап алганың
Канкорго кол салганың
Бу кылыгың ката эле,
Ушу турган Семетей
Манастан калган бадырек
Биз кыргызга ата эле.
Ата болгон себеби:
Ала-Тоо күтүп жер кылган,
Азган тозгон кыргызды
Атасы Манас эр көкжал
Айдап жүрүп эл кылган,
Кытайга салган сабашты
Тартып берип кыргызга
Жер кылган Кең-Кол, Таласты.
Бу кыргыз кантип унуттуң
Жергелүү көкжал Манастын
Тукуму мындай канкорго
Тушуккан адам оңорбу?
Кабылан шердин уулуна
Капырай журтум муну ойло
Катылган аман болобу?
Чалышып киши барбаган
Кадырлуу – Султан Семетей
Кыргыздын калкы бул эмес,
Кыргын болду – деп уктум
Кытай журту аман калбаган.
Манастын уулу эр султан
Белеси бийик бел эле,
Кыргыз турмак кылымды
Күтүп турган шер эле.

www.bizdin.kg



Кан темирдей калдайтып,
Алда көкжал баатырды
Катын туубайт деги эле.
Каканчыны жоготпос
Кара көкжал шер эле,
Күрдөлүү калаа көп журтту
Күтүп турган эр эле
Сурап ичсе түк тойбой,
Сугалакты түк койбой,
Өзүбүз серпип бөрү албай,
Бөрү алган уулду көрө албай,
Ата куу журт оңбодук.
Ар качандан бир качан
Бу бузукту койбодук.
Ушу султан Семетей
Медер туткан бел эле,
Бели тийчү жер эле,
Ат качырбас боз айгыр
Телегейи тең эле,
Ичи кенен канкоруң
Жер жүзүнөн кең эле,
Берен өңдүү жаралып,
Мендесин бербейт деги эле.
Айзага түпөк мыктылап
Тагып турган шер эле,
Аргын, кыргыз аз журтту
Желп эткен желге тийгизбей,
Суук болорчо тийгизбей,
Күтүп турган шер эле.
Арстан эле, кан эле,
Добул келсе жел тийбес.
Каарлууга мал бербес
Кара көкжал шер эле.
Кадимки Манас султандан
Бир тууган эр эле.
Оң жагында орустан
Кыр жагында кытайдан
Маңдайдагы бараң бар,
Биз менен басташкан душман
далай бар,
Бармактууну батырбай
Тырмактууга чектирбей,
Канаттууга мактырбай,
Каарлууга чаптырбай,
Багып турган шер эле,
Берен өңдүү жаралып,
Мендеден чыкпайт деги эле.
Бул канкордун барында
Коштон кийген суусар бөрк
Тулпар оозун бурчу элек,
Күндүзү кымыз, түнүң кыз
Күркүрөп ойноп турчу элек,
Чатыраш ойноп, чаң салып,
Оолукса ордо атышып,
Оюнга мыктап батышып.
Элкин ойноп жатышып,
Бүтүн кундуз терисин
Жарты бөлүп салчу элек,
Багалекке салчу элек,
Баатырлар деп барбактап,
Кудайсынып дардактап
Эчкинин тоңгон майын жеп,
Эсирип кысыр тайын жеп,
Кантты кардай кемирип,
Кара чайдан шимирип,
Тартып арак ичишип,
Өзөн тарта конушуп,
Айт деп койгон бирөө жок
Өз эркинче болушуп,
Сүт ботону байлатып,
Баглан козу, ширин баш
Асемдетип кайнатып,
Көк сүлөөсүн кымбат бөрк
Ыргалуу белек, жок белек
Күлкү күндү чыгарып,
Тамаша таңды атырып,
Бу канкордун барында

www.bizdin.kg



Жыргачу белек, жок белек?
Баатырлыгы шерлиги,
Өсүп жүргөн эр эле.
Кайнап жаткан какандан,
Кыжылдаган кытайдан,
Кылча балаа көрсөтпөй
Тозуп жаткан шер эле,
Темирден коргон чеп эле,
Теңир сүйүп мындайды
Кыргызга бербейт деги эле.
Каарын төгүп какайып,
Жети-Сууда жедигер
Кимиңе балаа салды эле,
Толкуп жаткан калың журт
Сенин кимиңе тийип калды эле.
Сен Семетей болгону,
Семетей аткан конгону,
Жети-Сууда жедигер
Кимиңе жапа салды эле,
Калкыңа качан барды эле?
Кыяз айтты жүргүн деп,
Атаңдын көрү жаман журт
Жүрдөп калган экенсиң,
Кыжылдаган жедигер
Кыйынсынып айза алып,
Дүрбөп калган экенсиң.
Манастын уулу эр баатыр
Алаңды ала качпаса,
Казынаңды чачпаса,
Кулаңды кууй качпаса,
Куржунда булуң чачпаса,
Кыяздын салган шумдугун
Арыслан шерге катылып,
Азапка бөөдө чатылып,
Бул Кыяздын буйругун,
Журтум басып алган экенбиз,
Ажыдаардын куйругун.
Ушу канкор Семетей
Кайыр айткан оңобу?
Кармашкан аман болобу?!
Кечээ кабарында бар бекен
Өтүп кеткен эр Толтой
Билерман эле, шер эле,
Билгич тууган эр эле,
Тууганга батпай жат болуп,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Ааламга жетет чамасы,
Семетей менен ал экөө
Ага-ининин баласы.
Тутанып өлгөн чочконун
Бузуктугун карачы.
Кагышты катуу салам деп,
Акун кан анын кайыны экен.
Айчүрөк анын зайыбы экен,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Чындап журтту кутуртуп
Бир жаңжалды салды эле.
Кыйла аксакал карысы
Кылган үчүн эр Толтой
Аскер алып, кол жыйнап,
Кыргын болуп баарысы,
Алдабыздан шашканбыз,
Атты тартып кулдук деп,
Айкөлдөн араң качканбыз.
Чынкожо, Толтой кутуруп,
Өзү барып катылган,
Калың журттун баарысы
Кечилбес каарга чатылган.
Манастын уулу канкорго
Өлүүчүдөй жедигер
Өрөпкүп өзү катылган,
Жети-Өзөндө жедигер
Тобуңа тозок салды эле,
Чабам – деп каалап айлыңды
Качан канкор Семетей
Бизге жадаалын салып барды эле?
Арыслан шерге катылып,
Азапка бүгүн чатылып,

www.bizdin.kg



Арам өлөт экенбиз.
Жаш күчүктөй кыңкылдап,
Жаман өлөр бекенбиз.
Жан-жабыла чуу туруп,
Жанакы көкжал төрдөн
Арам өлөр бекенбиз,
Өрөпкүп келип, өз дүйнө
Чачып кетер бекенбиз,
Жети-Суу көздөй бет алып,
Жеткилең шерден кырылып,
Качып кетер бекенбиз.
Толкуп чыктык жедигер
Азыр тоодой, таштай мекенбиз.
Кабыланга катылып,
Мүшкүлгө бөөдө чатылып,
Тозуп өлөп бекенбиз?
Окоро түйгөн кең чылбыр
Ой баатыр, жанды койгун – деп,
А намыз кылбай моюнга
Салынып өлөр бекенбиз,
Айкөл жанды койгун – деп,
Жалынып өлөр бекенбиз,
Сакалдуусу, карысы
Санаа тартып, чуу туруп,
Жедигер, кыпчак баарысы
Кызыр чалган канкорго
Кыйырына кайдан тиет деп,
Баатыр Манас шерине,
Шерден калган элине
Кандай адам кол салып,
Кандай адам кирет – деп
Улукман шердин уулуна
Урушуп менде тиер – деп,
Эл чуркурап, журт чуулап,
Эстесең дүмөк иш болуп,
Кээ бир жанга, кээ бир жан
Кыбыраша калышып,
Кээ адамга, кээ адам
Шыбыраша салышып,
Кейип келет кайтышып,
Жаман катын, жаш бала
Жана эмине болор деп?
Керээзин айта салышып.
Кеп кылганда чоң дүмөк
Дууга кирип жедигер,
Акыл ойлоп, иш санап,
Чууга кирип жедигер,
Кээ бирөөсү кержектеп,
Болоттуу айза аштапшып,
Кейигенден кээ адам
Жандан кече таштап.
Эл кылкылдап, көл толкуп,
Эсеби жок мол болуп,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Жабыла кирди эр Кыяз.
Кылыч шилтеп, айза уруп,
Камына кирди эр Кыяз
Каарын төгүп бакырып,
Кыяздап ураан чакырып,
Өйүз-бүйүз турушуп,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жан таштап урушуп,
Жаман жаңжал салды эле.
Жаңжалдашып турушту.
Мына ошондо Күлчоро,
Шай колдогон шер Чоро
Шамдагайы болжолсуз
Шакылдаган эр Чоро,
Ок эки мүчө тең Чоро,
Кыргыз тургай кытайды
Кыргын кылган эр Чоро.
Мына ошондо Күлчоро
Жай-жарагын шайланып,
Жанына кылыч байланып,
Жедигер түмөн, бул жалгыз,
Жан кызыктын жапасын
Көрүп жүрөт Күлчоро,
Жанды таштап урушуп,

www.bizdin.kg



Өлүп жүрөт Күлчоро.
Чымын жаны чыркырап,
Сай-сөөгү зыркырап,
Көңүлү сай-сай бөлүнүп,
Көздөн жашы төгүлүп,
Жедигердин кара туу,
Жер жаңырткан ызы-чуу,
Бет алдында көрүнүп.
Ай Күлчоро баатырың
Ажал жетсе өлүүгө,
Айда болсо кырааны
Баатыр көкжал Семетей
Караан болуп берүүгө,
Өлбөй аман жүргөндө
Не муразга жетейин
Абакем шердин алдына
Кыл аябай куу жанды
Кылча көрбөй шер Чороң
Кыйкырыгы таш жарып,
Өкүрүгү баш жарып,
Кара арыслandай чамынып,
Кайыптан акыл табылып,
Улуктарын, шерлерин,
Серпишке кирчү эрлерин.
Үзүп чыкты Күлчоро,
Жер жайнаган жедигер
Жеке аралап, кол салып,
Тозо чыкты Күлчоро.
Баатырларын, шерлерин
Байлай чыкты Күлчоро,
Балбансынган жедигер
Айдай чыкты Күлчоро.
Жекене белге курчанып,
Жер жайнаган жедигер
Жеке кирди кол салып,
«Манастап» ураан чакырып,
Жер жайнаган жедигер
Жеткенде тийди сапырып
Айза жеткен жерлерин
Айза менен мылгытып,
Илине түшсө айзага,
Теги балбан шер Чороң,
Тепчий сайып ыргытып,
Балта тийген жерлерин
Балта менен балталап,
Ойкуп жүрөт шер Чоро.
Кылыч жеткен жерлерин
Кылыч менен кыймалап,
Сойкуп жүрөт Күлчороң.
Каарын салып бакырып,
Жедигерди сапырып,
Жеткендерин айзалап,
Жетиги Кыяз кайдалап,
Букарасын айзалап,
Бузугу Кыяз кайдалап,
Артынан түшүп зыргытып,
Көңүл келсе өлсүн – деп,
Өлбөй жүрөт калганы
Далай мүшкүл көрсүн – деп,
Акылдан танып шашсын – деп,
Мындан кийин жедигер
Жаке кулдук кылдык – деп,
Чуңкурга кире калсын деп
Тулпар менен зыргытып
Андан жакын келгенин
Алп-дөөлөрдү ушундай
Шыйрактан кармап ыргытып.
Күлчорону көргөндө
Үч-Кошойдун бөксөсүн
Ашып жүрөт жедигер,
Ылаачын таанга тийгенсип,
Качып жүрөт жедигер.
Кокуй, төрө кулдук – деп,
Тийбейбиз кулдук кылдык деп.
Багындык – деп бакырып
Жыгылдык – деп ошондо
Күлчорону чакырып,
Чымындай жандан түңүлүп,

www.bizdin.kg



Аттан түшүп жүгүрүп.
Окоро түйгөн чылбырды
Моюнуна салынып,
Калың кара жедигер
Жан соогалап жалынып,
Журт чуркурап, чуу болуп,
Жапалуу жаңжал болду эле
Кыйрагандан журт чуулап,
Кызыталак жандан түңүлүп,
Кыйын мүшкүл, чоң жаңжал
Кырып иер экен деп,
Кызыталак жандан түңүлүп,
Кээ бирөөсү шүк турбай
Анталаңдап шашышып,
Кээ бир жара жедигер
Тоону көздөй качышып,
Топурак учуп, тоз каптап,
Толгон мүшкүл иш болуп,
Бет-бетинен салышып,
Бейпайлашып турганда
Кыраан экен Күлчоро
Кызык согуш кылганда,
Жедигердин баарысы,
Кадырбай менен Төлөбай
Калктан чыккан карысы,
Акыл тапкыч кеп билген
Чын кеменгер анысы,
Кадырбай чыкты сабылып,
Аттан түшүп камынып,
Турган экен ал кыраан
Күлчорого жалынып:
«Жылкы тийсек чаң бирге,
Түбүбүз бирге, жан бирге,
Жети-Өзөндү жер жайнап,
Өлүп жаткан калың журт
Баатыр, калың журтта не жазык.
Калың кара жедигер
Калтырбастан карысын
Шок-шоктотуп токмоктоп,
Айдап келди баарысын.
Кембай менен кезигип,
Келген жандын бирибиз.
Зордук менен кол болуп,
Келген жандын баарыбыз,
Каныбыз акмак эмеспи,
Калың журтта не жазык?!
Башчыбыз акмак эмеспи?
Барча журтту не жазык?!
Акылсыз кан кутурат,
Кутуруп кан көппөсүн,
Бузук салып элине
Букарага жутунат.
Кан акмагы калжактап,
Калың журтту жыюучу,
Бейпай салып элине
Букарасын кырыуучу.
Баатыр болсоң, шер болсоң
Кыяз эрди кырыңыз,
Ачууңузду тыйыңыз.
Эр Кыяздын кызыгы
Элди-журтту дүрбөткөн
Канчоронун бузугу» –
Деп ошентип чуу туруп,
Кадырбай какшап турду эле,
«Катылбайбыз каныңа,
Үрөнүбүз биргелеш,
Айда баатыр Күлчоро
Кулдук кылдык баарыңа
Ачууңузду тыйыңыз.
Аздатып журтту кырыңыз.
Калалуу шаар жер мына,
Канды төксөң, биз мына,
Баатырлар жаткан жер мына,
Башты кессең, биз мына,
Күтүп алсаң эл мына
Кел келгенди кырбаңыз,
Кармашкан каарды кылбаңыз,
Айттык тилди алыңыз,

www.bizdin.kg



Бу кыргыз сизге эл болот
Кырып ийбей коюңуз.
Жети-Өзөндө жатканда
Жедигердин эр Кыяз
Ак сакалдуу карыңы
Айдады журттун баарысын
Кээ бир жанды камады
Кээ бир жанды жөн эле
Келиштирип сабады,
Кээ бир жандар талалды
Кейитти жанды кордуктап,
Чымындай жанды кууратып,
Айдап келди зордуктап,
Кыяз акмак эмеспи.
Кырылган журтта не жазык,
Каның акмак эмеспи,
Калың журтта не жазык?
Журт казына, эл мураа.
Кабылан төрөм, эл кырба,
Мүйүз сынса, күч кетет,
Эзилип эмчек жоголсо
Азыкка салган сүт кетет,
Карап кылып калк кырсаң,
Чын колуңан эл кетет,
Баатыр, тилди алыңыз,
Эби менен болуңуз,
Калың кара букараң
Баатыр казына журтту коюңуз.
Жедигердин эр Кыяз
Жети-Өзөн жаткан жедигер
Жээликтирип жыйнады,
Кун кууймун – деп калжактап,
Кутурушуп тургүны,
Айдап келди кууратып,
Азабын берип чуулатып.
Айдап келди чубатып,
Жыйылыштык чогуу эле
Көкжалга кол салат – деп.
Журт кырылып калат – деп,
Баатыр көөнүбүздө жок эле.
Бери карай чыкканда
Кайың кыйрап, тал ыйлап,
Канкорго барсак өлдүк – деп,
Калың журттун баары ыйлап,
Ак сакалдуу чал ыйлап,
Атасыз эми калдык – деп,
Тили чыккан бала ыйлап.
Эр Кыяздын кордугу,
Эсепсиз тийди зордугу,
Катын ыйлап күйүнүп,
Камалып келдик жедигер,
Кайран жандан түңүлүп.
Төрөм, тиктеп тилди алыңыз,
Ишенбесең бул сөзгө,
Сиз арыслан, биз коён,
Тим эле кырып салыңыз.
Журтта бузук жок десең
Бу тилимди алыңыз.
Жедигердин Кыязга
Баатыр, жеке согуш салыңыз,
Октолуу күлүк Тоотору
Бу да ойроттуу бузган күлүк ат
Баатыр олжо кылып алыңыз,
Ак бейил журтту бөлүңүз,
Алышчу жооң эр Кыяз
Баатыр, бир атыш кылып көрүңүз.
Тутанып өлгөн Кыязга
Кыйкырып айза сунуңуз,
Кыйын күчтүк шерликти
Эр Кыязга кылыңыз.
Кыяз чатак салды – деп,
Момун журтка кол салсаң
Уят болот мунуңуз,
Жедигердин эр Кыяз
Жетеси сизден эр эмес,
Те, баатыр эрдиги сизден жөн эмес,
Бакырып айза салыңыз,
Баатыр Чоро шер элең

www.bizdin.kg



Каарлуу Кыяз колунан
Ажыратып алыңыз» –
Деп ошентип Кадырбай
Кара тилин кайрады,
Кайран немең сайрады.
Кадырбай кебин эп көрүп
Кол чуркурап, чуу түшүп,
Айласы жетсе алчуудай
Атырандап кайран журт
Кыязга колду салчуудай
Ээр белдей белести
Ашып жетип барды эле,
Айласын таппай далай жан
Качып жетип барды эле,
Качып кетип Кыязга
Барып кабар салды эле,
Коройтуп айза алышып,
Эт бышымга жедигер
Тилден калып калышып,
Капаланып күйүнүп,
Төлөбай баштап канча жан
Төлөктүн уулу Төлөбай,
Бирөө Калчанын уулу Кадырбай,
Кармашка даңгыл эчендер
Жалбырак ооз, жар кабак
Жан кубанткан чечендер,
Ашып-шашып ыктуулар
Эр Кыяздын алдына
Капырай жетип качты мыктуулар.
Антаң уруп, журт дүрбөп,
Эр Кыяздын алдына
Барып кепти баштады:
«Алчы, мына айзаң!» – деп,
Журт чуркурап айзасын
Эр Кыязга таштады.
Калчанын уулу Кадырбай
Калтырбай кеп баштады,
Жердегениң Жети-Суу
Жети-Суудан кол алдың,
Жер дүрбөтүп мол алдың,
Кара көңүл шерди алдың,
Кайра тартпас эрди алдың,
Артык дүмөк, чоң мүшкүл
Көргөнү келген экенбиз,
Канкор шердин өзүнөн
Өлгөнү келген экенбиз.
Кызырлуу жерге катылып,
Кыргынга бөөдө чатылып,
Арыслан шерге катылып,
Ажалга бөөдө чатылып,
Артык дүрбөң чоң мүшкүл
Көргөнү келген экенбиз.
Ишенгеним Канчоро
Канчороң качкы кул экен,
Канкор шерден биз бүгүн
Өлгөнү келген экенбиз.
Тынччылык жакшы билип ал,
Жети-Сууну ээлеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Өкүлдөп душман жеңбеген,
Кабылан элең билип ал,
Каранкүн, Кыяз, тилимди ал.
Кол кутуруп кыжылдап,
Калк чуркурап журт дүрбөп,
Жыйдырганы келиптир,
Кулжуңдаган кутургур
Ушу журттун баарысын
Кырдырганы келиптир.
Күлчоро жанган ок экен
Чоң тилдешиң Канчоро
Элчилиги жок экен,
Сандаган күлүк бууданды
Канкорго каалап тартады.
Жээликпестен жедигер
Кыргын болбой кайтады.
Өрөпкүп келсе Күлчоро
Өз билгенди кылгыдай.
Каарланса Семетей

www.bizdin.kg



Калкты койбой кыргыдай.
Орто жерин Күлчоро
Орок менен оргудай,
Жедигер эмес ааламды,
Кыргыз түгүл кылымды
Кылым эмес Урумду,
Каарланып кайкайса
Калтырбай көкжал жуткудай,
Каарланса карысын
Чайнап бүркүп ийгидей.
Баатыр жедигердин баарысын
Бу кабылан Семетей
Көркөмү кабак буткулдай,
Көрүнгөндү жуткундай,
Карааны капкак сеңирдей,
Кайраты көпкөк темирдей
Чапчышканы жегидей,
Ар мүчөсү жолборстой,
Алышкан аман болбостой,
Белеске чыгып белсенип,
Берендин көрдүм караанын
Ак аскар тоодой заңкайган,
Ал көкжалдын шерлиги
Түк адамда жок экен.
Түгөнгүрдүн шерлиги
Аңдысам элде жок экен.
Ай айкөлдүн эрлиги.
Бу кыргызга туулган
Көпкөк темир чеп экен,
Кара курттай капырдын
Калкын кырып Бээжинди
Жол кылганы эп экен.
Чынмачынды, Каканды
Жол кылганы эп экен,
Жээликкен калча шерлерин,
Кыргын кылып эрлерин,
Баргандыгы эп экен,
Атышты кыргын кытайга
Салгандыгы эп экен.
Артык балаа мүшкүлдөн
Ажыратып кыргызды
Алгандыгы чын экен,
Семетейди мен көрдүм
Акылдан танып, эс чыгып,
Айла таппай шаштым деп,
Денем коркуп, эс чыгып,
Эр Кыяз саа качтым деп,
Семетейди мен көрдүм,
Кулагы бийик, өңү саз
Кара жолтой канкордун
Кабарын көрсөң оолак кач,
Ач арыслан жолборстой
Алганы турган кул экен,
Чын кылкыйма камандай
Чалганы турган эр экен.
Ай-ааламга жаралган
Үлкөрүндөй көрүнөт,
Асман-көктүн тирөөсү
Түркүгүндөй көрүнөт,
Түгөнгүрдү көргөндө
Түз эле көөнүң бөлүнөт,
Ай-ааламдын токтолбос
Чатасындай көрүнөт.
Толкуса чайпап салучу
Толгон кыргыз көп журттун
Толукшуган куу кыргыз
Атасындай көрүнөт.
Каармандуу шерлердин
Карарган кара көзү экен,
Эл башкарып журт баккан
Арысландын өзү экен.
Каарына жан барбайт
Журт коргону баатырга
Кармашкан тирүү түк калбайт.
Бир кулагы калкайып,
Кашатча коонун коргондой,
Кармашканды жөн эле
Чымындан бетер соргудай,

www.bizdin.kg



Кабарын көрдүм канкордун
Муруну тоонун буткулдай
Булкушканды жуткудай,
Башы тоонун сеңирдей,
Басташканды Семетей
Жөн эле баса калып жегидей.
Астын карап жан чыкты
Жан чыга турган себеби:
Алты миң эрдин түрү бар
Аркасына карасам
Алтымыш миң азамат
Ак көкжалдын пирлери
Алып түпкө жетчүдөй,
Айза сунуп туруптур
Азыр кайсап ийчүдөй,
Кара чаар кабылан
Капталында жаланып,
Качырчудай туруптур,
Астын көрүп, эс чыкты,
Алты миң балбан түрү бар,
Астын көрүп жан чыкты.
Азыр жалмап соруучу
Ажыдаардын түрү бар.
Берен шер менен беттешип,
Не муразга жетели
Жүргүн Кыяз кетели.
Букарадан ажырап,
Бөлүм болбой кетели,
Калк чуркурап журт өлүп,
Өлүм болбой кетели.
Кыргынды кызык көрбөйлүк
Кыл муруттар шыйпайып,
Кыргыз элек башыбыз,
Кытайдан бекер өлбөйбү?
Карандуу шерге катылып,
Каарлуу арбакка чатылып,
Жаман өлүп жүрбөйлү?
Өпкөдөн кара кан келип,
Үркүп-шашып кышылдап,
Тополоңдон бышылдап,
Жаман өлүп жүрбөйлү?
Жакетай кулдук кылдык – деп,
Ажал жетип, ар кетип,
Алкымдан кара кан кетип,
Күйбөстөн мурун жан кетип,
Кыргын болуп минетип,
Уят-абийир бүт кетип,
Чама чарчап, күч кетип,
Заарлуу шерден өлбөйлү.
Адам көргүс чоң жаңжал
Бул атактуу султан чоң балбан
Күлазыкты чачалы
Күндөп-түндөп элтеңдеп,
Жүрү, Кыяз, тилимди ал
Жети-Өзөн көздөй качалы.
Калбай токтоп биз турсак
Тооторуну баш кылып,
Сыйладык деп көрүнтүп,
Алтымыш тулпар, кырк буудан
Астыга айдап бөлүнтүп,
Семетейге көрүнтүп,
Барып тартуу кылалы.
Түз сүйлөшүп канкорго
Түбүбүз тууган элек деп,
Ат тартышып туралы.
Дидарлашып беттешип,
Бир идиштен эт жешип,
Дос болушуп беттешип,
Бирөөбүздү бирөөбүз
Душман келсе басууга
Касташканды тик туруп,
Кол чогултуп чабууга
Манастын уулу канкорго
Убаданы кылалы,
Ушундай деп туралы.
Ак буудай нанын чайнашып,
Келеме-шарып кармашып,
Жакындашып дос болуп,

www.bizdin.kg



Бирлик шайлап, кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Адам өлөр шерт кылып,
Ушундай ишти кылалы,
Жамандашып чырдашпай
Түбүбүз тууган элек деп,
Ушундай ишти кылалы.
Баатырга кеңеш айталы,
Кол кармашып, дос болуп,
Кокуй, Кыяз, кайталы.
Чалкайган султан баатырга
Чабыш кылып нетели,
Кыдырлуу шерге катылбай
Кокуй, Кыяз, кетели!
Жети-Өзөн калкы жыйылса
Жээлигип келген жедигер
Семетейден кырылса
Иттикти чогуу билбесин
Оболку макшар күнүндө
Канын доолоп калың журт
Бизди кара эшек кылып минбесин!
Журт убалы жетбесин,
Эпсиз шерге кол салып,
Баатыр, эл кырылып өтбөсүн!
Акылды артык кылалы,
Артык жаңжал, чоң мүшкүл
Баатыр, бул чатакты тыялы!
Бузукка мурун барбайлы,
Бузук окшойт абыдан
Канчоро тилин албайлы,
Канчоро мындай деди – деп,
Бир капилетке калбайлы!
Бузук окшойт зилинде,
Кызыталак Канчороң
Жуукуй окшойт зилинде
Абайлап баатыр, кебимди ук.
Ак санабайт түбүндө,
Ойлогону жин окшойт,
Атасындай Семетей
Ага кара санаган
Кылтылдаган кургуруң
Так эле кысталак кулдун бири
окшойт.
Заары бар окшойт тилинде,
Шайтан окшойт зилинде,
Канчоро тилин сен алсаң
Душман окшойт түбүндө,
Бул кылтылдаган Канчоро
Эки тилдүү кул окшойт
Туз ургурдун бири окшойт,
Эл бүлдүрүп журт кырган
Бузукунун бири окшойт.
Бузукка кирип нетели,
Кой баатыр Кыяз кетели,
Чатакташып айкөлгө
Бузукту артык кылбайлы,
Алакандай жедигер
Айдап жүрүп кырбайлы.
Маанисиз болду мунубуз,
Баатыр болсоң шер болсоң,
Журтка канкор эр болсоң,
Далайыбыз мына деп,
Манастын уулу көкжалга
Тартуу кыла салалы,
Манастын уулу көкжалды
Жети-Өзөндө жедигер
Аман сактап айлыңды
Баатыр ажыратып калалы.
Өтөктүү кара кыядан
Эренге көздү салалы,
Серпише кетчү Семетей
Баатыр жоругун көрүп кайталы» –
Деп, ошентип, Кадырбай
Ичке жолун төтөлөп,
Тоотору менен далбайтып,
Эр Кыязды жетелеп,
Жедигердин Кыязын
Алып чыгып келди эле,

www.bizdin.kg



Семетей турган кезинде
Салып жетип келди эле.
Үч-Кошойдун оюнда
Турган экен ал канкор
Чоң Кең-Колдун боюнда
Минген аты Тоотору
Көрсө көңүл бөлүнүп
Эр Кыяздын көзүнө
Көк аскардай көрүнүп,
Карааны кашат сеңирдей,
Кайраты болот темирдей,
Эки көздүн кычыгы
Терең кабак буткулдай,
Капырай теминсе жанды жуткудай.
Жаяңгер кескен балбандай,
Жандашканды бул канкор
Чымчыктай кармап алгыдай,
Балбандыгы башкача
Бастырып душман келгисиз,
Муну басташып кыргыз жеңгисиз.
Эр кайраты күү экен
Кыргыз турмак курган шер
Бу кытайга короо чеп экен,
Каарланып какайса,
Туш келген жоону сүргүдөй,
Кыргыз бир турмак арыcландын
Кылымга бели тийгидей,
Капырай, канкор кандай жан?
Карап туруп эр Кыяз
Кайратына болду таң,
Ата, кыйыныраак туулуп,
Кыдыр чалган кандай жан?
Жедигердин эр Кыяз
Күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн канкордун
Келбетине болду таң,
Асты жагын караса
Алтымыш эрдин сүрү бар,
Аркасын салса канкордо
Ажыдаардын түрү бар,
Бет алып адам келеби?
Берен да экен, бел да экен,
Бирликти коюп бир жерге
Кан көтөрчү шер экен.
Оң жагында орусту
Оруп салчу кол экен,
Кыр жагында Кытайга
Карааның кыргын салчу уул экен.
Айкырынып качырса,
Капырай, ай-ааламды күткүдөй,
Асты катуу кара жер
Жөн эле калыңынан түткүдөй.
Чын жаралган шер экен,
Чын кыргызга бел экен.
Чын кыраандын өзүнө
Чымчышам деп журт дүрбөп,
Бу Кудай урган кеп экен!
Андан көрө баатырды
Колго кабар чын салса,
Алакандай кыргыз журт
Убалы-сообу болобу?
Баатыр, милдетин өзүң алгын деп,
Милдетин берип журт салса,
Баатыр болуп, шер болуп,
Ай-ааламды күткүдөй.
Арыслан да экен, бел да экен
Чиркин атасы Манас көкжалдан
Артык тууган шер да экен,
Кара сууда кеме жок,
Ушу канкор шер турса кыйкырып,
Бизге каш кайтарар неме жок.
Бул бедели мыктуу бел экен,
Белгилүү шердин өзүнө
Бейпайды салып Канчоро
Немине деп жүрдү экен?
Ата, короздой болгон кайран шер
Ата, козголбогон курган эр
Буга чапчышып адам барабы?

www.bizdin.kg



Муну менен чалышкан тирүү
калабы?
Адам, көрүнө адам барабы?
Мындан өлбөй адам калабы?
Сай тулпардын баарысын
Сандатып айдап баатырга
Тартуу кылып тарталы,
Теңелишпей теңизге
Жети-Өзөн жер кең чалкак
Жер-жерге аман кайталы,
Оройгон кыраан бел экен
Ойдо жок алып, кол жыйнап,
Ойлошо келген адамга
Бу Кудай урган кеп экен
Ата, келберсиген султандын
Келбетине болду таң:
«Эр адам карап, катын тууп,
Эзелде болбос мындай жан,
Адам арыслан экен, шер экен
Алыш кыйын жедигер
Журт жыйылып келгени
Бу Кудай урган кеп экен.
Тетиги өз тууганың Канчоро
Не үчүн балаң деди экен?
Ата, кең көкүрөк, чалкак төш
Ата, касиеттүү шер мыкты
Жан болучу кул экен.
Кыйла адамдын баарына
Кызыр чалган бул адам
Кан болуучу уул экен,
Жана уңгусу болот, сабы жез
Учмактуу дүмөк сыр айза
Уңурайтып аштаган
Кылым жоо колду салса да
Коркуп колтук ачпаган.
Койгулаша жерге жанчтаган
Билеги жоон, таш жүрөк
Мендеден мындай болобу?
Чиркиниң бил мүчөлүү бадырек
Кайран шер зың-зың этип кенебей,
Алтымыш илек жоо келсе,
Турган экен канкор шер
Бучкагына теңебей,
Эрдик менен шердикти
Эгем Таала кудурет
Берген экен ченебей» –
Деп ошентип, эр Кыяз
Кан кайратын көргөндө
Акылынан шашты эле.
Алапайын таба албай,
Жедигердин Кыяздын
Көңүлдөрү бөлүнүп,
Көрүп турган канкоруң
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Жана Кыяз караса
Эрдик менен шердиги
Жана сынап кааласа:
«Колдогону бир тогуз
Кожосандуу көкжалды
Коргоп адам алгысыз,
Жөлөгөнү бир тогуз
Жакындап душман баргысыз,
Акылы бар калайык
Айкырып айза суна албай
Айкалган аман калабы?
Адам азар салабы?
Тиги кыраан кайран шер
Телегейи тең экен,
Ичин көрсөң жөн эле
Жер жүзүнөн кең экен,
Айбаттуу азар салбаган
Он сегиз миң ааламда
Укурук кайрар калбаган,
Улук да экен, кан да экен?
Беренелүү канкордун
Бейжайы мынча бар экен».
Деп, ошентип, эр Кыяз
Ысыгына бата албай,

www.bizdin.kg



Суугуна чыдап жаталбай,
Көзүн көрүп туралбай,
Самап келген эр Кыяз
Салышып айза суна албай,
Болжолу жок төрөнүн
Багыш уулу Кыяздын
Борумунан жан чыгып,
Болжолун көрүп эр Кыяз,
Акылынан шашты эле,
Алапайын таба албай
Аң-таң калып дүмөккө
Кырк чилтен Кызыр Ныязы
Жылоолоп койгон немеге
Жылмайып Кыяз тура албай,
Кыяз-Кыяз болгону
Баатыр Кыяз атка конгону
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Жети-Өзөн ээлеп, жер кылып,
Жети-Өзөндө жедигер
Эби менен эл кылып,
Ордо күтүп, кан болуп,
Машайык заада жан болуп,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эптеп колго алганы.
Кылымга чыгып атагы
Кыяз болуп калганы,
Кабак кагып, ич күйүп,
Көңүлүн көп-көп бөлбөгөн
Кыяз атка конгону
Баатырдан мындай көрбөгөн.
Ошондон Багыштын уулу эр Кыяз
Болжолун көрүп эр султан
Манастан туурган немени н
Адам, кыйгысы келбей кыйналып,
Акылы айран сандалып,
Айласын таппай эр Кыяз
Кайран шер сүт кымыран таң калып,
Болжолун көрүп канкордун
Бая боконо сөөгү болкулдап,
Баягы бокту ичеги солкулдап,
Көңүл тарып, ич кайнап,
Көкжалды көрүп таңданып,
Колтоктогон дөбөгө,
Дүмүрөйгөн сеңирге,
Чалкайыңкы керүүгө,
Аскер жайнап, кол токтоп,
Астыңкы турган жерине
Жаадай учкан Тоотору
Тозоңун тоодой буратып,
Кайран эр Тоотору менен чуратып,
Казаба айза калкылдап,
Калың колго эр Кыяз
Карaргандан түнөрүп,
Калкын жыйнап турду эле.
Качуучудай журт дүрбөп
Канкорду көрүп түңүлүп,
Капа болуп күйүнүп:
«Кол жыйылдык өлдүк – деп,
Кордукту жаман көрдүк – деп,
Мал башты тартуу чын кылып,
Ушу баатыр шерге бердик – деп,
Айласын тапсак калың журт
Жети-Өзөн аман көрдүк – деп,
Серпилишип сайышсак
Түгөнүп ажал жетет деп,
Кейип келди эр Кыяз.
Тоотору оозун бурду эле
Капаланып күйүнүп,
Кайран жандан түңүлүп,
Кампайып Кыяз турду эле.
Ошондо Алмамбет уулу Күлчоро
Ойногон Сурча ат минип,
Сур тулпардын куйругун
Кыл куйругун чарт түйүп,
Кыйгачтатып көрүндү
Толуп жаткан жедигер
Көрүп жандан түңүлдү.

www.bizdin.kg



Айзакердин казабы
Өтүп кетти бачагар
Күлчоронун азабы.
«Эңкейиште эр сайып
Эпсиз экен чоросу,
Так элүүдөн катар бир сайып,
Алыш кылса чорого
Адамдын алы жетеби?
Чапчыша кетип чорого
Арыслан тиши өтөбү?
Кырылбай менде кетеби?
Бу кызыталак чорого
Кылымдын алы жетеби?
Кара кыя бел экен
Төрөсүнөн чоросу
Төбөндөн тийген эр экен,
Ай-ааламды буй кылган
Алмамбет уулу Күлчоро,
Жайнаган кызыл чок экен,
Жаанамда жок экен.
Мунун жүргөнүнөн чаң чыкан,
Мунун кобуртунан жан чыккан,
Улукман* экен, шер да экен,
Бул урушка тууган эр экен,
Бу калың кара жедигер
Калтырбай кырып кетери
Чоронуку эп экен.
Эренге каршы жүрбөйлү
Эл бүлүнүп, журт кыйрайт
Кабылан шерге тийбейли,
Жедигер кайра тарталы
Жети-Өзөн чалкак кайран жер
Жер жайнаган кайран эл,
Чырдашпай аман кайталы.
Арыслан экен, бел экен
Бул арысланга катылып,
Адам азапка бөөдө чатылып,
Бизди Алда Таала кудурет
Не үчүн мендем деди экен?
Мунун салтанаттуу салмагы
Салышты каалап барганы,
Куп жыйылдык жедигер
Кудай урган кеп экен.
Төрөсүнөн Чоросу
Айза шилтер эр экен,
Акылга бүтүн тең экен,
Шай колдогон шер экен,
Ай-ааламды буй кылган,
Айзакерден ыктуу экен,
Өзү жоонун айласын
Ашкере билген мыктуу экен,
Кылдат экен, шер экен.
Бу кызыталак Күлчоро
Кылымды бузган неме экен
Кара зоңгок, туура бел –
Туура белди ашалы,
Тил алгыла жедигер,
Турбастан чогуу качалы.
Көкжал шерге катылып
Көгөрүшүп нетели.
Журт бүлдүрүп, эл кырбай,
Жүрчү, журтум, кетели».
Журт чуркурап, эл толуп,
Акыл болуп турду эле,
Жедигер азыр качууга
Макул болуп турду эле.
Жерин камдап, ат ылгап,
Желпишинип турганда
Кара ниет ичи арам
Капыр экен Канчоро,
Кара башыл доңузга
Жакын экен Канчоро.
Кара көңүл Чоронун
Ичи душман, тышы эл.
Туурасы мындай баатырдын
Тутанып өлгөн капырдын
Айтса далай кеби бар,
Айкөл канкор баатырдан

www.bizdin.kg



Көңүлү калган жери бар,
Кечээ жедигердин Толтою
Жер майышкан сан колу
Кыз талашып, чыр болуп,
Кылымга чатак сын болуп,
Журт бүлүнүп, эр өлүп,
Аянбай жаңжал болгондо
Тоголотуп Толтойду
Күлчоро кыраан сойгондо
Айылдуу журтун кырганда,
Атын олжо кылганда
Суркоёндун кулагын
Оё кесип ыргытып,
Кыргыз энин салганда
Күлчоро менен Канчоро
Катар экөө соогалап,
Канкорго жетип барганда,
Канчородон Күлчоро
Артыгыраак көрүптүр,
Чоросун канкор бөлүптүр,
Алмамбет уулу чорого
Шукшурма чылбыр ак окто,
Каарланып зыргытып,
Күлчорого чылбырды
Ашыгыраак ыргытып,
Кулду Кудай алыптыр
Ошону менен Канчоро
Кутуруп өлгөн Канчоро,
Арам сактап калыптыр.
Бээжинге казат салганда
Анда айласын таба албай,
Аргын малын чача албай,
Кытайды көздөй кача албай,
Айласы жок калыптыр.
Кечээ, Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Кун доолашып келгенде
Үмөтөйдү өлтүрүп,
Астындагы Буурулду
Сөөгүн жүктөп бергенде,
Чын өлөрүн билиптир,
Билип алып Канчоро
Мыкыйында күлүптүр.
Кубана басып келиптир,
Сырттан Буурул айбандын
Сырын айтып бериптир,
Ичиндеги чоң кызык
Чынын айтып бериптир,
Төрт аягын буугун деп,
Кулагына коргошун
Эрите салып куйгун деп,
Калың орду казгын деп,
Караңгы жайды баскын деп,
Эсебин таап Буурулду
Эптенип чоро айтыптыр,
Буурул аты жоголуп,
Канчоро иши оңолуп,
Жети-Өзөндө жедигер
Жедигердин Кыязга
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип,
Күнүн катка салыптыр,
Күн болжолун алыптыр,
Күүлөнгөн бойдон жедигер
Чогуу каптап калыптыр.
Кадырбай менен Төлөбай
Акыл көрбөй шашыптыр
Болуп келчү чатактын
Борумун экөө айтыптыр,
Айта берсе тил албай
Алып келген эр Кыяз,
Аябаган чоң дүмөк
Салып келген эр Кыяз,
Карагай болот айзасын
Аштай келген эр Кыяз,
Жер жайнаган жедигер
Баштай келген эр Кыяз.
Жети-Өзөндөй кайран жер
Таштай келген эр Кыяз

www.bizdin.kg



Ээр белдей белести
Ашмак болгон эр Кыяз
Семетей көрүп күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Качмак болгон эр Кыяз,
Эл чуркурап, чуу туруп,
Кетерге антын кылганда,
Ээр белдей белестен
Эми дүрбөп ашарда
Чуулгандуу эр көкжал
Чубак уулу Канчоро,
Астындагы мингени
Көбөш кандын Көкборчук
Көк ала желек туу тартып,
Чыңыроон тартпас кең жайдан
Чымчык учпас кең сайдан,
Жоо кутулбайт айзадан,
Жолуң болгур бакырып,
Атасы бүгүн өлгөнсүп,
Калк чуркурап, журт дүрбөп,
Атасын аалам көргөнсүп,
Ашып-шашып бакырып,
Келе жатат Канчоро
Жедигерлеп чакырып.
Албан түрлүү жан болуп,
Төлөк кан уулу Төлөбай
Туу кармаган ал болуп,
Туу асманда урунуп,
Турган экен жедигер
Туу түбүндө жыйылып,
Агала байрак сыр айза
Асмандата ашташып,
Кырка туруп, чуу туруп,
Калың кара жедигер
Жандан келип ташташып,
Үтүрөйүп күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Чын жедигер турду эле,
Жетип келди Канчоро.
Качкын азыр качкансып,
Каарын салды кутургур,
Катынын кара баскансып,
Куугунун чукул куугансып,
Кулжуңдады Канчоро.
Катыны эркек туугансып,
Жедигерин карысын,
Жеткилең Кыяз анысын,
Туу кармаган капырын,
Эл айдаткан баатырын.
Каар салып бакырып,
Толкуп кирди Канчоро
Токтой тур деп чакырып:
«Жети-Өзөндүү жедигер,
Жер экен деп чакырдым,
Жерге кирген эр Кыяз
Сени шер экен – деп чакырдым.
Кайнаган кара жедигер
Кол экен – деп чакырдым.
Бир аркасы эренге
Мал экен – деп чакырдым,
Эски кегин эзилте
Алат го – деп жыйнадым,
Эсеби жок чоң кыргын
Салат го – деп жыйнадым.
Кол чогулуп, эл келип,
Кодоңдоп калган экенсиң,
Калың кара жедигер
Кайсашка журтуң термелип,
Темирдей курган көпкөк ок
Чачмак болгон экенсиң,
Тегиң бузук жедигер,
Темтелеңдеп чуу туруп,
Качмак болгон экенсиң.
Канкор менен беттешип,
Этейин деген экенсиң.
Ашып-шашып антаңдап,
Атаңдын көрү, жедигер
Кетейин деген экенсиң.

www.bizdin.kg



Чын куралган иштерди
Чачканы келген экенсиң.
Тутанып өлгөн жедигер
Жер-жериң көздөй чуу туруп,
Жедигер, качайын деген экенсиң.
Акыл кетип, эс танып,
Шашып калган экенсиң,
Баягы көкжал барсынып,
Баарың дүрбөп, чуу туруп,
Атаңдын көрү, жедигер
Качып калган экенсиң.
Жети-Өзөндө жедигер
Калбай баарың чогулуп,
Бул алганы келдиңер,
Эр өлтүрүп, журт бузуп,
Кун алганы келдиңер.
Кара болот сыр айза,
Камдаганы келдиңер,
Канкор тууган Семетей
Жайлаганы келдиңер.
Акылдан танып шаштыңар
Кыйынсынган карыңар,
Ата уулу журт барыңар,
Ак сакалдуу карыңар,
Айырмачтай ач кайкаң
Ашып калган экенсиң,
Акылыңдан алжырап,
Атаңдын көрү, жедигер
Мындан качсаңар бокту жедиңер,
Эки-экиден сүйлөшүп,
Кана эмине дедиңер?
Чатакташпай, чырдашпай,
Маңдайлашып, калышпай,
Манастын көөдөк уулуна
Бир беттешип алышпай,
Айза шилтеп, балта чаап,
Былчылдашып көрүшпөй,
Атайы келип жедигер
Канкор менен өлүшпөй,
Кадыр-Алда жазганын
Моюнга түшсө көрүшпөй,
Ат салышып жекелеп,
Аңтара сайып көөдөктү
Акылман Бакай карысын
Олжо кылып алып кет,
Кең-Колдо кыргыз баарысын
Ата туйтуңдаган жедигер
Эркексинип кол келип,
Жыйганың кантип чачасың?
Баатырсынган жедигер
Катынча кантип качасың?
Кебиң арбын жедигер,
Кежилдейсиң курулай
Жана эмине дедиңер?
Качсаңар калбай өлдүңөр,
Карандай дүмөк, чоң кыргын
Артыңардан көрдүңөр.
Жан соогалап, журт дүрбөп,
Жалпы баарын көрдүңөр.
Мунарык тарткан Каракыр
Бел экен – деп чакырдым,
Багыштын уулу эр Кыяз
Шер экен – деп чакырдым.
Балакеттүү жаңжалга
Барышар – деп чакырдым,
Барлык күптү, чоң кайгы
Ачышат – деп чакырдым,
Баатырсынган чоң көөдөк
Жанчышат – деп чакырдым.
Кара буткул тар кыя
Көч алар – деп чакырдым.
Эрешен болсо, шер болсо,
Намыска тууган кара көк
Атанын уулу эр болсо,
Тооторунун оозун
Бурат ко – деп чакырдым.
Туу түбүнө былк этпей
Турат ко – деп чакырдым.

www.bizdin.kg



Комокойлуу сыр айза
Кылайта кармап канкорго
Сунат ко – деп чакырдым,
Артык жаңжал, чоң дүрбөн
Салат ко – деп чакырдым.
Айдай сулуу Чүрөктү
Олжо кылып канкордон
Алат ко – деп чакырдым,
Бир талканды баатырга
Салат ко – деп чакырдым,
Үркүп, коркуп жедигер
Үтүрөңдөп калыпсың,
Үйүң күйгөн Кадырбай
Ошонун тилин алыпсың,
Үрбөп-дүрбөп жедигер
Чогулуп качып калыпсың,
Кыяздын кыйын канаты
Кыжылдаган жедигер
Кыйла акыл карысы
Кыргын тийип кыжылдап,
Кыйрай берчү баарысы
Кылайган акыл сенде жок
Кызыталак жедигер,
Ээр белдей мойнокту
Элиң дүрбөп ашканда,
Ашып-шашып жедигер
Жети-Суу көздөй качканда,
Калбай качсаң жедигер
Качканыңды билбейбиз,
Кайран кыраан Күлчоро
Артыңдан айдап сүрбөйбү?
Кыйлаңды кызык кылбайбы?
Калтырбай калкың кырбайбы?
Кыйын Кыяз аныңды,
Кадырбай баштап карыңды,
Калың кара жедигер
Калтырбай кырат баарыңды!
Кулжуңдаган жедигер
Кудай алсын баарыңды,
Калың журт тегиз жыйылып,
Качканыңар сонунбу?
Картайганда кан Бакай
Олжолоп киет тонуңду,
Суук кол тиет үйүңө,
Качсаң каччы жедигер
Сарыкан жетет түбүңө.
Келжиреген жедигер
Өз дүйнөңдү чачасың,
Өрөпкүп качсаң өлөсүң,
Өлбөгөн кордук көрөсүң!
Турбай калып карыңар
Туурадан келсе Семетей
Тутанасың барыңар.
Атаңдын көрү, жедигер
Көк темирдей куралып,
Жедигер тегиз тургула,
Кыйкырып айза ургула!
Кыйла улукман карыңар,
Кыйкырып казат салыңар,
Эр экени сында жок
Силерге казат кылуучу
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек,
Алты ай минсе арыбас,
Алтымыш асый болбосо
Азуу сайып карыбас*,
Чуу укканда чубалган,
Чуркаса менде кубанган,
Жеткилең күлүк экен – деп,
Жеткилең адам сынаган.
Буурул жаны тынышкан,
Нарторуга кор болуп,
Семетей бели сынышкан.
Ушу кезде канкордун
Касиети качкан кез,
Кара топо баскан кез,
Капилет басып канкорду
Шашпай шайтан* сайган кез,

www.bizdin.kg



Кызырлуу түрү жоголуп,
Кырсык басып кеткен кез,
Акыл да жок, эс да жок
Айкырып айза сунуучу,
Астында Буурул туруучу,
Баякыдай күнү жок,
Баатырлыгы, шерлиги
Миң эсенин бири жок,
Көтөрүп чуркаар малы жок,
Буурул аттан айрылып,
Ичи сыздап, жан кыйнап,
Өзөктөн кара кан кетип,
Канкордон мындай ал кетип,
Чама чарчап, алы жок
Баштагыдай чагы жок,
Жөлөгүнүн баары жок,
Корко турган табың жок,
Үтүрөңдөп жедигер,
Үрсөңөр бокту жедиңер
Айта турган сөзүм бар,
Ал канкордун эсебин
Таап берүүчү силерге
Кан Канчоро көзөл бар.
Эптеп жүрүп канкордун
Эсебин анык табабыз,
Аргын, кыргыз кайран журт,
Дүңгүрөтүп чабабыз!
Антаңдабай, шашпай тур,
Атаңдын көрү, жедигер,
Уйгу-туйгу качпай тур.
Кыйыныңар карыңар
Кыжылдабай жедигер
Кыйкырып айза салыңар,
Темтеңдеген канкорду
Тегеректей калыңар,
Мылтык атып, жаа тартып,
Мыктуулап уруп салыңар,
Бозалалуу туу тартып,
Бой-бойлогон чуу тартып,
Аламан уруп салыңар,
Бириң кирбей, миңиң кир
Ажалдуу киши өлбөйбү?
Кылча калбай жаңгызың
Кыргын болуп калыңар,
Баатырсынган шериңер
Кагышты катуу салыңар,
Канкорду кайсап союңар,
Алты күн чындап урушсаң,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып турушсаң
Кылыч шилтеп, балта уруп,
Кыйкырык салып урушсаң,
Ат көтөрбөй балпылдап,
Ээр токумун көтөрүп,
Айбалтасын таянып,
Жөө калат шалпылдап:
Ак каңкысын мойнуна
Аныктап таңып арттырып,
Азапты жаман тарттырып,
Аңгырап жөө калганда
Тегеректеп алгыла,
Орой айза сунгула,
Опсуз жаңжал кылгыла,
Жеткилең чырды кылгыла,
Жетип кармап алыңар
Бу дүйнөдөн жоготуп,
Тындым кыла салгыла,
Тыйпыл кырып көкжалды
Тындым кыла салгыла.
Кандарын байлап сабагын,
Калкынын баарын талагын,
Чынарын кыйып сулатып,
Ордосун түртүп уратып,
Өрт өчкөндөй кылыңар.
Анталаңдап качпастан,
Акылыңдан шашпастан,
Багыштын уулу эр Кыяз,
Сенин телегейиң тең Кыяз,

www.bizdin.kg



Теги көкжал баатырың
Кол алдында четтешкин,
Семетей менен беттешкин.
Ала көөдөк айкөлгө
Бет алыша барышкын,
Жан аябай салышкын.
Өзүң көргөн шер канкор
Эрди сайсак биз сайып,
Аты калып көкжалга
Ыктуусунуп жүрүүчү.
Ай-ааламга ал канкор
Мыктуусунуп жүрүүчү.
Көргөн элдин баарына
Баркы чыгып жүрүүчү,
Кабарланган адамга
Даңкы чыгып жүрүүчү.
Улуксунуп, шерсинип,
Кутуруп өлгөн ал канкор
Күркүрөгөн эрсинип.
Беттешип бейпай салгыла,
Бек урушуп көргүлө,
Чымырканган канкордун
Чын жазасын бергиле.
Канына карап салгыла
Калың кара жедигер
Калбай каптап баргыла,
Түйшүктү түптөп салгыла,
Түзүнөн кирип сайгыла!
Шай колдогон шериң бар
Шаймандуу камбыл элиң бар
Кыргын десе тартпаган,
Ажалдан асты кайтпаган,
Келберсиген эриң бар
Баатырың Кыяз, Кадырбай
Баарың мында турасың,
Ак сакалдуу олуя
Карың мында турасың,
Найза алган топ бузчу
Ыктууң мында турасың,
Ай-ааламды буй кылган
Мыктууң мында турасың,
Айласы толук эрениң,
Акылга дыйкан берениң,
Калың кара жедигер
Качып өлөм дегениң,
Түйшүк көрүп шашсаңар,
Түп көтөрө качсаңар
Артык жиним чын кайнайт.
Айтылган ушул сөзүмө
Убадага турбасаң,
Мыктылап кызмат кылбасаң,
Казат баштап жедигер
Кайра тартып элдешип,
Семетейге киремин,
Каччу болсоң жедигер
Каш куйкаңды тилемин,
Тобуңа тозок саламын,
Токтотпой журтуң кырамын!
Баатырсынган шериңди
Баарын кырып элиңди
Калтырбастан каныңды,
Каччу болсоң жедигер
Баарың койбойм элиңди.
Улуксунган дөөңөр
Кайнап жаткан көп журтка,
Калк баштаган ээңер
Мыктуусунган шерсинген
Бу жаңжалга ээңер,
Эрениңер каныңар,
Уккун журтум баарыңар,
Тил албасаң жедигер
Акыры журтум өлдүңөр.
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас,
Ордо тигип конушам,
Акмактык кылсаң жедигер,
Күлчорого болушам,
Канчоро менен Күлчоро
Аты уйкаш экөө бириксек

www.bizdin.kg



Таарынбагын жедигер,
Өрүшүң туман чаң болот,
Өлчөлүү эриң жай болот,
Карап болот каныңыз,
Кара мүшкүл чоң жаңжал
Чууда калат калкыңыз,
Эңкейип өлөт эриңиз,
Кылча калбай жалгызы
Кыргын болот элиңиз,
Уккун журтум карыңыз,
Жакшы каптап согушкун
Жаман-жакшы барыңыз,
Манастын уулу көөдөктүн
Ырдап берем ырларын,
Айтып берем чындарын,
Айза сунуп соё көр,
Жедигер уулу эр Кыяз
Кебим менен боло көр!»
Канчоро мындай деген соң
Калк ишенип, журт чуулап:
Калың болду тамаша
Канчорону караса
Алты ай минсе арыбас
Буудан болгон экен – деп,
Ай, Канчоро, жуукуй кул
Тууган болгон экен – деп,
Сырын айтып баатырды
Бузук кылар экен – деп,
Колтугун ачып көкжалды
Кызык кылар экен – деп,
Баатырларды, шерлерди
Жыйдырып салар экен – деп,
Эрендерди, кандарды
Кырдырып салар бекен – деп,
Журт чуркурап, чуу туруп,
Тобокелчи кандайга
Жер көрүнбөс чоң туман
Чуугa кирмек болдук – деп,
Айыкбаган чоң дүмөк
Дууга кирмек болдук – деп,
Баш жетпей кыргын болучу
Уга кирмек болдук – деп,
Күндүз адам адашкан
Селге кирмек болдук – деп,
Ааламды кыргын кылуучу
Эрге кирмек болдук – деп,
Эстен таныл курган жан
Көргө кирмек болдук – деп,
Кайран төрө канкорго
Кагышсак казыр өлдүк – деп,
Жаман катын, жаш балдар
Кантип тирүү көрдүк – деп,
Журт чуркурап, саруулап,
Санааны жаман башташып,
Жандан кечип ташташып,
Эрендер кайдан аянып,
Сары-Мойнок, Ак-Түздү
Жаңы жетти таянып.
Жээк тартып кылкылдап,
Жерге тартып былкылдап,
Жер тумандап чаң болуп,
Жеткилең мынча жан болуп,
Жакын кирип барды эле.
Аламан коюп өтөрдө,
Азыр каптап түмөн кол
Семетейге жетерде
Белге чыга бергенде,
Берендин жайы ушундай
Ээр белдей кайкаңга
Эл тирелип барганда,
Канчоро баатыр бакырып
Кыяздап ураан чакырып
Семетейди сойгун – деп
Аламан уруш койду эле.
Семетей жалгыз барааны,
Эр Кыяз каптап барганда
Эр Семетей баатырдын
Жалгыз Күлчоро болуп карааны.

www.bizdin.kg



Семетейге жеткизбей
Баатырдыгы башынан
Озо чыккан кези экен,
Эр Кыязды Күлчоро
Тозо чыккан кези экен.
Маңдайлашып барышып,
Былчылдашып чабышып,
Кызык кыргын болду эле.
Салышта жүрөт Күлчоро,
Эл аманын кааласа
Күдөрүн үзбөйт ылайым
Канчоросун караса,
Ою эгиз Чородо
Кагышты качан салат – деп,
Канкор султан төрөсүн
Качан жетип Канчоро
Жолборс болуп көкжалың
Ажыратып алат – деп,
Эси-дарты ошондо
Тилектеши Канчоро
Тилегиң кабыл келбегир,
Удуруңдап калп эле,
Жедигердин кээсине кыбырлап,
Капырай кээсине шыбырлап.
Каруулап айза сүйрөтүп,
Кээ бирөөнө бул капыр
Каптап кет деп үйрөтүп,
Кээ бирөөсүн бул капыр
Жаза чаап барбактап.
Кээ бирөөсүн жуукуй кул
Калп эле сайып дардактап.
Асмандан мунар жошулду,
Калың кара жедигер
Калп урушуп Канчоро,
Жедигерге кошулду.
Кошулганда оңбоду
Казатка чыгып болбоду
Жаның чыккан Канчоро
Күлчоро менен Семетей
Бул экөөнө ок атты.
Жамгыр кылып жаа төгүп,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Каарланбай калбады
Каптап кетер калың кол
Канкор көздөй айдады
Каарын салып бакырып,
Калың казат кылды эми.
Кыйкырыгы таш жарып,
Кыяздап ураан чакырып,
Кулду Кудай урду эле,
Кыяздап ураан үн салып
Жедигер күүлөп турду эле.
Асмандап агарып мунар сөгүлдү,
Арка кылган Канчоро
Душмандык түрү көрүндү.
«Атаңдын көрү Канчоро
Көрүнөө душман өзүңө
Жоо көрүндү көзүңө,
Душман болду өзүңө
Тууганы болду душманы,
Алмамбет уулу Чоронун,
Ичинде болду бушманы,
Кыйчалыш болду көргөн түш,
Ээ, кызыталак алакчы,
Кылымда барбы ушул иш?
Эгизден чыккан шер элек.
Күлчоро менен Канчоро
Уялаш эки эр элек,
Бир кызыкка батышкан,
Бир төшөккө жатышкан,
Бир көөдөндө көрүшкөн,
Бир эмчекти эмишкен.
Тай-кунан окшоп тебишип,
Талашып эмчек эмишип,
Артык көкжал абакем
Канчорону Кудай урду деп,
Этек ачып, көз кысып,
Бузук сөз айтып, журт бузуп,

www.bizdin.kg



Журтту Кудай урду – деп,
Чын душман болуп көрүнүп,
Чындап Кудай урду – деп,
Тартынбастан бул чочко
Тажаалдыкты кылды – деп,
Табылбас султан төрөгө
Мендеде бүтбөс деги эле,
Белдүү кара белине,
Берен абам шерине,
Тутанып өлгөн туз ургур
Душмандык кылды өзүмө.
Ырдап айтты ырларын
Багыштын уулу Кыязга
Баатырдын аты мындай – деп
Айткан экен чындарын.
Тутанып өлгөн кызыталак
Туюнткан экен сырларын,
Ак жылкынын чаңы ургур,
Атакем Манас даңкы ургур,
Аргын, кыргыз бүт ургур,
Энекем Каныкейдин сүтү ургур,
Ээрчиткен абам шер ургур!» –
Деп, ошентип Күлчоро
Көөдөнгө батпайт көп санаа,
Көрсөң мүшкүл ушундай
Көзүнүн жашы он талаа.
Акыр заман жакындап,
Азыр жетти башына:
«Акыр-такыр чыр салып,
Аба – деп жүргөн Канчоро
Ашкере душман болобу?
Канчоронун кылганы
Кастарын тиккен акыл – деп,
Ай, Канчоро, баатыр – деп,
Түгөнүшүп өтпөсөм
Кылча жанды аябай
Кырылыша кетпесем
Каза жетип, күн бүтсө,
Кулдар, сенден өлбөсөм,
Кайра тартпас чын жайды
Кармашып жүрүп көрбөсөм,
Туулбай туна чөгөйүн,
Ажалдан мурун өлөйүн,
Аман болсо Канчоро
Эзилген жоонун алдында
Түбүнө чогуу жетейин.
Сексен күнү серпишип,
Акыры башын кесейин
Кубатым жетсе доңузду
Курмандыкка чалайын,
Абакемдин алдына
Тындым кыла салайын.
Ат көөнүнө карабай
Алда курган Семетей
Күлчоро менен Канчоро
Күйгүлтүк эки тууган – деп
Атын берген аябай
Тон көөнүнө карабай,
Олдо байкуш кан абам
Тон кийгизди аябай
Тон тозгондо толобу?
Тоодой болгон жалгызга
Канчоро душман болобу?
Кулжуңдаган кутургур
Тууганым деген оңобу?
Кагышты катуу салайын
Кадыр Алда жол берсе
Кыргын кылып сулатып,
Кырып союп кулатып,
Атышты арбын салайын
Багыштын уулу Кыяздын,
Мурда башын чабайын,
Бере, душман болду Канчоро
Бир эсебин табалы,
Айза кармап топ бузуп,
Заманасын куурайын,
Алыш кылып чоронун
Чымындай жанын суурайын.

www.bizdin.kg



Мылтык атып, жаа тартып,
Заманасын куурайын.
Кайран баш жерге киргенче,
Күмүш көздүү, күн жүздүү,
Таалайы тоодой төрөгө
Өлгөнчө кызмат кылайын,
Көтүн ачар чоронун
Көлпөңдөгөн төрөнү
Көп душман болгон немени
Муңбай атыш салайын,
Эрдикти эпсиз кылайын,
Эли-журтун кырайын,
Кара-Кыя бел менен,
Каптап келет эл менен,
Тооторучан Кыязды
Колума тийсе тоңкойтуп,
Капыр кулду соёюн
Калың кара жедигер
Кайраттуусун айдайын,
Мыктууларын шерлерин
Быт-чыт кылып айдайын!» –
Деп, ошентип, Күлчоро,
Көлдөй толкуп жедигер,
Көкжалың Кыяз ал болуп,
Кайраттуусу Канчоро
Кол алдында бул болуп,
Жер кашатты таянып,
Жедигер каптап жетерде
Ак асаба, туу тартып,
Азыр каптап, кетерде,
Жалаңдаган шер Чоро
Жалаң кылыч байланып,
Адырмактуу жол чалып,
Сыр айзасын колго алып,
Сырттан экен Күлчоро
Ошондо кирди кол салып.
Жеткен жерин айзалап,
Беренсиген эр эле
Берени Кыяз кайдалап.
Олбуй-солбуй камчылап,
Суркоёнун зыргытып,
Айза тийбей калганын
Кармай калып Күл ойрон
Өлтүрбөстөн житирбей
Шыйрактан кармап ыргытып,
Канчоролоп бакырып,
Кайнап жаткан жедигер
Кайра айдады сапырып
Жедигерден кээ бир жан
Шашып кетип баратат,
Жер табалбай кээ балбан
Жетсе талкан салды деп,
Жеткиленге катылып,
Жер майланып калды деп,
Кейип-кепчип жедигер
Качып чыгып келатат.
Эң ортосун Күлчоро
Жанчып чыгып келатат.
Калың кара жедигер
Ушак кылып, чуу туруп:
«Берен экен, бел экен,
Жерге кирсин Канчоро
Барысынан шер экен,
Эр Кыяздан эми өөдө
Канчородон канча өөдө?
Ааламдан чыккан шоктугу
Караан болуп жанында
Канкорунун жоктугу.
Канкору болсо жанында
Кармап кырып соргудай.
Кашык канды жөн эле,
Кармап жанчып оргудай.
Өзөнчө экен, бел да экен,
Кыраандыгы болжолсуз
Кымбатыраак белде экен,
Калкыбызды бу Чоро
Казыр кырчу тап экен,
Кымбаттуу кырлуу чак экен,

www.bizdin.kg



Семетейге калганда
Добул келсе, жел тийгис,
Булуңду токой чеп экен,
Жалаңгыч келсе, жан бергис
Жайдары көкжал эр экен,
Чыңагандай көк экен.
Күлчоро бөрү, биздер кой
Кудай урган кеп экен.
Урушам – деп жедигер
Удураңдап чогулуп,
Не бети менен келди экен?
Катылганын ойкундай,
Кез келгенин сойгудай» –
Деп, ошентип жедигер
Бүлкүлдөшө калышып,
Журт бүлүнүп, чуу туруп,
Шыбыраша сүйлөшүп,
Шыпшынышып күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Бөлөк аскер куру калып,
Ушу Күлчоросу булкунуп,
Айлап анык кетет бейм,
Ажал анык жетет бейм,
Кулжулуңдап кутуруп,
Кыргын кылып кетет бейм,
Төбөбүздөн басты го
Төрөбүз Кыяз тосо албай
Төрт түлүктү чачты го,
Атышты арбын салат бейм
Аке кулдук дедирип,
Кешикти ырас жедирип
Жети-Өзөндү жедигер
Жерге кууп барат бейм,
Каранын жанга тийгизбей.
Кан экенин билгизбей,
Өкүргөн үнду көрө албай,
Чорого такоот бере албай
Акылынан шашты бейм.
Баана кылган баатырлар,
Аты күлүк жакырлар,
Айкайды арбын салат бейм
Анталаңдап чу коюп,
Айлына качып барат бейм
Өлгөнүн көрүп тыйынча
Өрөпкүгөн куу журтту
Ушунтип жорго салат бейм.
Колго башчы эренди
Каяша берген бир жан жок
Калдаландап кутургур
Биз менен качып барат бейм.
Бейпай болду бу жаңжал
Кабарман өлдү, кан өлдү
Кармашкандын баары өлдү.
Тили чечен ыктуулар
Качсаң бирди көрдүң – деп,
Кажаңдаган мыктуулар
Баатырлыгы, шердиги
Качан калкка көрүнүп,
Калк ичинде кармашка
Качан чыгат бөлүнүп?
Тозуп алар бир жан жок
Тозокту көрүп жедигер
Кырылат белем ушунтип,
Ой-тоодо каны төгүлүп,
Ойронду качан салат деп?
Ордолуу шаар кайран эл
Ой, Күлчоро кыраандан
Качан жетип бобулар
Ажыратып калар – деп.
Бузулган экен көргөн түш
Ээ, ботом, ушундай экен мүшкүл иш!
Журт чуркурап турушуп,
Журт баштаган чоңдорго
Токонаалат кылышып,
Жети-Өзөндө жатканда
Сүрткөн экен жошону,
Эренсинип эл айдайт

www.bizdin.kg



Кудайга койдук ошону
Каран кылып кол айдап,
Калкты жыйып алганын
Кайрат кылып дүпүлдөп,
Калың журттун баарысын
Чыгалбас орго салганын.
Азаматтын акмагы
Кургак кайрат, жел өпкө
Эч убакта жарабайт
Багыштын уулу эр Кыяз
Ушундай куру сөздөн бөлөккө.
Жети-Өзөндө жедигер
Жер майышып жыйылдык,
Жеткилең элден кырылдык.
Ак селдечен молдо өлдү,
Дарс окуган молдо өлдү
Улукман кылдат кары өлдү,
Ушунча жандын баары өлдү,
Баатырлыгы, шерлиги
Эч адамдан озгон жок,
Төрөсүнгөн Төлөбай,
Кан өңдөнүп Кадырбай,
Беренсинип эр Кыяз
Бет алышып, салышып,
Беренден бирди тозгон жок.
Акылдуусу муну айтып,
Киши билбес шумду айтып,
Киштелүү ичик, жаргак шым
Кызыл байрак, сыр айза
Кыргын жайы ушундай:
Белсенип чыккан бери өлүп,
Беттешкенден көп өлүп,
Акыл таппай антаңдап,
Шашып келет жедигер,
Эч айласын табалбай
Качып келет жедигер.
Эчен тулпар аттарын
Ээри түшүп мойнуна
Мойноп жүргөн мындан көп.
Кырылсак мейли, кызыкты
Ушу жерден көрдүк – деп,
Ойноп жүргөн мындан көп.
Тыйпыл кылбай кырылып
Көрүнөө антка урунуп,
Бир мүшкүлгө калды – деп,
Кызырлуу жерге катылып,
Кымбат болуп калдык – деп,
Ойлоп жүргөн андан көп,
Акыл таппай антаңдап,
Шашкандары дагы бар
Артын көрбөй дырылдап,
Качып жүргөн дагы бар.
Бирин-бири тепсетип,
Басып жүргөн мындан көп,
Өрөпкүшүп калдактап,
Кейишкени мындан көп.
Өлтүрүшүп түбүнө
Жетишкени мындан көп.
Же бир күлүк ат алып,
Коштоп жүргөн дагы бар.
Эсил кайран жан боорум
Баланча жерге өлдү – деп,
Эми кайдан көрдүк – деп,
Бүлүндүрүп журт жыйган
Баатырыбыз эр Кыяз
Себеби мындан өлдүк – деп,
Боздоп жүргөн мындан көп,
Куюшканы үзүлүп,
Өөдө-ылдыйда жан багып,
Шашып жүргөн мындан көп,
Эчен кыйын тулпардын
Ээри түшүп бооруна
Качып жүргөн мындан көп,
Артын карап антаңдап
Жыгылганы мындан көп,
Акебайлап жалынып,
Кудайга үнү жөн эле,
Адам угулганы мындан көп,

www.bizdin.kg



Акыл таппай антандап,
Шашып жүргөн элде көп,
Жылаңайлак-жылаңбаш
Кара бута чуңкурга
Качып жүргөн пенде көп,
Кайран жандан түңүлүп,
Капа тартып күйүнүп,
Боздоп жүргөн пенде көп
Катын менен баланы
Көрбөй калмак болдук – деп,
Керээзин айткан элде көп,
Журт дыркырап эл качып,
Эрендер кайдан аянып,
Кол бузулуп, журт качып,
Үч-Кошойду таянып,
Калык качып алганы.
Баягы Канчоро капыр көрүптүр,
Эл качканда бакырып,
Жедигерлеп чакырып,
Бакырыгы баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып:
«Атаңдын көрү, жедигер,
Акыл кетип, шашпа – деп,
Куу жедигер, качпа!» – деп,
Азып кеткен калың кол
Антаңдатып качтырбай,
Жети-Өзөн көздөй бастырбай,
Берендерди элдерди
Жыйып чыгып келатат.
Качкандарды калтырбай
Камбыл менен Канчоро
Кырып чыгып келатат,
Каарланып дүпүлдөп,
Калың журтка Канчоро
Кайрат берип күпүлдөп,
Жедигердин мүшкүлүн
Билип айдап келатат,
Жергелете калтырбай,
Тийип айдап келатат
Элүү башы, жүз башы
Камап айдап келатат,
Миң башчысын өкүртүп,
Сабап айдап келатат:
Атаңдын көрү жедигер
Ак буудай данын чайнашып,
Кылычтын мизин жалашып,
Көлпөлөңдөп көбүшүп,
Келте огун өбүшүп,
Адам өлөр шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Бая эмине дедиңер?
Элтең уруп, чуу туруп,
Эми бокту жедиңер?
Кол жыйылып, айза алса
Кармашканга кас туруп,
Каптап кеткен дейсиңер.
Кара жерге киргизип,
Таптап кеткен дейсиңер,
Бая убада кылганда
Мына мындай дейсиңер,
Эми көрсө, жедигер
Качып бокту жедиңер,
Журт кырылып, эл өлбөй
Кармашкан душман өлөбү?
Койгулашып, кан ичпей
Колго түшүп береби?
Атаңдын көрү, жедигер,
Жанакы кылган убада,
Баарың менден өлдүңөр,
Жети-Өзөндөн чуу туруп,
Жедигер, эмне издеп келдиңер?
Кагыш кылып, кан өлөт,
Кан өлбөсө, калың журт
Кантип жүрүп күн көрөт?
Бейпайлашып, бек өлөт,
Бекти өлтүрбөй букара
Кантип жүрүп күн көрөт?
Жети-Өзөн кайкаң, керүү бел

www.bizdin.kg



Жер болбосоң жерге кир,
Жер жайнаган жедигер
Эл болбосоң жерге кир.
Жети-Суу кайкаң кең белди
Жер экен деп турганмын,
Жедигердин Кыязын
Шер экен деп турганмын,
Шер эмессиң, жерсиң – деп,
Жерге кирген эр Кыяз
Өлчөдүм кандай эрсиң» – деп?
Канчоро чыкты бакылдап,
Кууруп, союп тарсылдап,
Жедигер чуулап токтоду
Эр-эрине урунуп,
Эмгектен качсаң дөңгөккө,
Эми эмне болдук – деп,
Эл чуу түшүп жыйылып,
Кобурдун баары тыйылып,
Кол токтолду жыйылып,
Эл чуркурап, чуу болуп,
Эс жыя албай турганда
Жазы жаак жалпак тил
Жаңылбас чечен уул экен,
Кадырбай аттуу эр балбан
Журт бийлеген шум экен.
Жедигер жоого киргенде
Туу кармаган бул экен,
Буда атанын уулу дөө экен,
Жети-Өзөндө жедигер
Кыйласына ээ экен.
Калың кара жедигер
Кадырбай төрө дээр экен,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Кадырбай кирди кеп баштап,
Кадырбайдын кеби бул,
Калкка мындай деди бул.
Сөзгө чечен Кадырдын
Ыктуулугу бар экен,
Ар ишке даңгыл Кадырдын
Мыктуулугу бар экен,
Көзү көрөт алыстан
Көптү көргөн алыстан
Көптү көргөн даанышман,
Узун кулак сарыдан,
Көптү көргөн карыдан,
Уккан экен Кадырбай:
«Белсене чыккан Канчоро
Шериң мында турасың,
Багыштын уулу эр Кыяз,
Эриң мында турасың.
Төлөбай баштап жедигер
Көбүң мында турасың,
Кылча калбай жаныңар
Кызыталак жедигер,
Кырыласың барыңар
Кызырлуу шерге катылып,
Балаага минтип чатылып,
Эңкейттирдиң белиңди,
Кыргын кылдың элиңди,
Түптүү шердин тукуму
Дүмөктү чогуу баштады.
Кытайдын уулу Күлчоро
Кыйлаңарды момунтип,
Кыргын кылып таштады.
Мыктуусунган каныңды,
Чөлдөй куурду барыңды,
Айта берсе болбогон
Атаңдын көрү, жедигер
Алсынчы Кудай жаныңды.
Ит экенсиң, жедигер
Манастын уулу Семетей
Кырып ийсин баарыңды!
Ордолуу шерге катылып,
Тойпоңдогон жедигер
Тозокко бөөдө чатылып,
Жедигер болбой жерге кир!
Семетей кыраан тынарбы?
Жедигер кашчу уларбы?

www.bizdin.kg



А тынардан айырып,
Ажыратып жаныңды
Атаңдын көрү, жаман эл!
Алып калчу буларбы?
Атасынан бабасы
Канкорлугун карачы,
Умтулганды соручу,
Кез болгонду оручу,
Басташканды ушунтип,
Кыргын салып коюучу,
Бул Канчоро өзү бар,
Карарган кара көзү бар,
Көрсөң мынча Семетей
Көкжал шердин баркы бар.
Бу Канчоро капырдын
Журт бүлдүргөн баатырдын,
Орой кыял улуктун
Түк кереги жок эле
Журт бүлдүргөн бузуктун
Атасы Манас шер менен,
Журт түркүгү эр менен,
Акбалтанын арысланы
Чубак экөө туушкан
Ал Семетей арыслан шер
Калың элге чуу баштап
Кан атаң Чубактын кунун куушкан.
Кан Семетей эр көкжал
Камап чапкан Ооганды
Кан Чубак кунун бергин деп,
Каарын салып турганда,
Кашкар кайдан соо калды,
Алты-Шаар, Коконду,
Анжыян кала Маргалаң,
Бети Букар, Самаркан
Бейпай кылды ошону.
Кун кубалап жай кылды,
Караган чыктап май кылды,
Олжо кылып дилде алды,
Дилде жүктөп, билди алды,
Кара көздөн минди алды,
Каралдуу каның Семетей
Качан эрден көөн калды.
Белгилүү эле, бел да эле
Кытайга кыргын салгансып,
Манжуу каны Эсенкан
Корголотуп калгансып,
Козу кара кочкордой
Канчором чокчолоңдоп калыпсың,
Эркек кара каргадай
Токчолоңдоп калыпсың,
Жазгы кара букадай
Кодураңдап алыпсың,
Жаш байланган кулундай
Чодураңдап калыпсың,
Ак сакалдуу карыдан
Угуп жүрдүм Кадырбай
Билгичтердин баарынан,
Кан Толтойдун кеби эле
Каарлуу шерге катылган
Эки болбойт деди эле.
Журт коргону буйла деп,
Журт атасы Манаска
Кыргыздын уулу сыйла деп,
Кызыр чалган шерди деп,
Кылайтып душман жеңбеген
Басташканың Семетей
Атаңдын көрү, Канчоро эй
Маңдайдан жолун чалыпсың
Арбакка артык чет болуп,
Тууралаанып бачагар
Тузуңа сийип калыпсың.
Узабайсың, өлөсүң
Ушундай мүшкүл, чоң арман
Аман болсо Канчором
Так катындардан көрөсүң,
Кыңаракка жайланып,
Кысыракка байланып,
Кызырлуу шерге ок аттың

www.bizdin.kg



Сен да ошону көрөсүң,
Уялуу шерге катылып,
Уруш баштап эрениң
Каарланып, какайсаң
Кабылан шерди соёрсуң.
Өкүмдүү шерге катылып,
Өзүң да мындай болорсуң.
Кулак угуп, көз көргөн
Кең Таластай жер болбос,
Таласты күтүп кан болгон,
Талашкан адам жай болгон,
Семетей өңдүү дөө болбос,
Уялуу шерге ок атып,
Оңолбойт сенин тукумуң
Кабыландуу канкорго
Калк короосу эренге
Эл койчусу беренге
Эми кантип беребиз.
Атаңдан артык көкжалга
Кайсы бет менен тиебиз,
Кулазыкты чачалы
Жүр, жедигер, качалы!
Кабыланга катылып,
Каранга бөөдө чатылып,
Кай муразга жетели,
Калбагын жүр журт кетели,
Чубактын уулу Чоронун
Кыйшыгыраак кеби бар,
Бизди кырдырып салчу чени бар,
Бузугураак кеби бар,
Калың журтка бир шайтан
Сала турган чени бар.
Улукман шерге катылып.
Жаман өлүп жүрбөйлү?
Жалпы журт жетпей мураска
Арам өлүп жүрбөйлү?
Айтканым ушул билип ал,
Абайла, журтум, тилимди ал,
Көп казат кылып урушсак
Күлчоро оңой уул эмес.
Аңтара сайып, оп-оңой
Ала койчу бул эмес,
Өнөгүн берчү шер эмес,
Как өпкөдөн кагынып,
Кабыргадан чамынып,
Алуучу милдет жабылып,
Араң Чоро калбаса.
Өнөгүн берчү жан эмес.
Төрөсүн бизге алдырып,
Качып берчү ал эмес,
Каран калчу бала эмес,
Кармаш кылчу жедигер
Кайраттуу шери Күлчоро
Зордугуна көнөбү?
Улукман шер Семетей
Кылча калбай жөн эле
Кыргын болуп кетпесе,
Канкорун бизге береби?
Карасаң боло, Канчоро
Атасы Манас көкжалдын
Ай-ааламда атагы
Кайда барып жыргатат,
Атаңдын көрү, Канчоро
Сенин кыялыңдын чатагы.
Чайкоо салып, эл кырдың
Кыдырлуу көкжал канкорго
Мынча неге чыр кылдың?
Чыр кылдың го оңбойсуң,
Эгерде эки болбойсуң,
Эки болбос себебиң:
Абийирлүү канкор Семетей
Ээрчитип жүрүп эр кылды.
Эстеп көрчү ушуну.
Эр уулу менен тең кылды,
Жаш кезиңден чоңойтуп,
Жаман элең оңолтуп,
Белиңди бекем курчады
Беделдүү айза сыр жебе

www.bizdin.kg



Колуңа берип Семетей
Ааламга салды аңгеме.
Кыйбаны бузуп жол салды
Сени ээрчитип жүргөнү
Төмөнкү Индия бузуп асты алды.
Кылымды жөөлөп жол салды,
Кечээ Кытайды бузуп олжо алды.
Укмуштан ушак кеп уктум
Уруш болуп Канчоро
Калың кытай Какандын
Колуна кетти деп уктум,
Темир аркан манжуунун
Торуна кетти деп уктум,
Мына ошондо Семетей
Канчоро деп кайгырып,
Кайран жандын көбүнөн
Капаланып айрылып,
Чын армандуу ал кетип,
Эгизим Чором – деп ыйлап,
Так эле чыбыктан кара кан кетип,
Каарды катуу баштаптыр,
Карап турган жандарды
Жөн эле кырып ие таштаптыр.
Калк жанына түңүлүп,
Баш койгулап, чач жулуп,
Семетей жаман күйүнүп,
Жекенени курчанып,
Канчоролоп үн салып,
Чебин бузуп жол салып,
Ченебеген кытайга
Күлчоро экөө кол салып,
Алтын менен күмүшүн
Артып алды деп уктум,
Алты миң балбан, сан аскер
Алты күн тынбай салышып,
Ал кытайдан Чорону
Тартып алды деп уктум.
Өлчөсөң мындай Семетей
Ар качандан, бир качан
Өчкөн отуң тамызып,
Өлгөн жаның тиргизип,
Байлалуу колуң бошотуп,
Эркиң менен жүргүзүп,
Эркин атка мингизип,
Кеткен жашың тиргизип,
Ай тийгендей зор канкор
Арыслапдыгын билгизип,
Кыйла мүшкүл, чыр көрүп,
Кытайдан минтип бошодуң.
Арысланыңа ок атып,
Атаңдын көрү, Канчоро
Унуттуңбу ошону?
Ала көөдөн ал канкор
Бир өлбөсө, миң өлсүн,
Эрдиги бар, эси жок
Эсер канкор экен го,
Артыгы мол, акыл жок
Аңкоо канкор экен го,
Андан бөлөк жан болсо,
Көөдөндө эси бар болсо,
Сени багып алганда
Ыйлашынан чаң чыгып,
Ырымың жаман жан чыгып,
Сен соргондо өрттөнгүр
Эмчегинен кан чыгып,
Сени мууздап таштачу
Эби болуп турганда,
Тындым кылып таштарга
Кеби болуп турганда,
Тоюңа токсон сойдуруп,
Бир бала не кылар – деп,
Тирүү сени койдурган
Семетейде акыл жок.
Кулак угуп, көз көргөн
Канчоро, жерде сендей капыр жок,
Бир бузукка тил алып,
Кайран эл менен чабышчу,
Жедигердин эр Кыяз

www.bizdin.kg



Жетелүү сенде акыл жок.
Толкуп кеткен канкордун
Тобосу бирди кылбайбы?
Салмагы жанды кырбайбы?» –
Кадырбай мындай деген соң,
Кары айтканы акыл деп,
Ушунусу ыпырас
Жедигерге макул деп,
Жеме кебин көтөрүп,
Жети-Өзөндү жедигер
Жергелеше конушуп,
Чама чарчап, эл айнып,
Ырбы-дырбы болушуп,
Ырастап айнып турду эле.
Мына ошондо Канчоро
Каарлуу кептен кылды эле:
«Атаңдын көрү, жедигер
Намызга артык тырышып,
Айкөл менен урушуп,
Кун кубалап келдиңер
Ырбы-дырбы кеп салып,
Эмне бокту жедиңер?
Баатырбы десем жедигер
Барың ойлоп, ой тапкан
Катынга чалыш экенсиң,
Тобокел жок ойлонгон
Капырга чалыш экенсиң,
Качсаң, каччы жедигер
Ушу сөзүң акылбы?
Аянып калган адамдын
Так жети атасы капырбы?
Көп эле болсо баатырга
Ыйлап-сыктап калармын,
Башымды тартып алармын,
Эселек айбан кечкин деп,
Эгизибиз Күлчоро
Чын элдешип калармын
Бурмаладың жедигер
Бу буйурса тура тур
Бузукту мыктап салармын
Жети-Өзөндө жедигер
Каалаганың Кадырбай
Каралдуу чечен бириңди,
Калтырбай кагып жиниңди,
Кетирбесем түрүңдү,
Түгөтбөсөм жиниңди,
Канчоро болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн
Кыязың кызык кылбасам
Кыжылдайсың жөнү жок,
Калтырбай журтуң кырбасам.
Аргын, кыргыз көп элдин
Колун жыйнап калбасам,
Козголгондо кокустан
Кол жыйнасам чоң мүшкүл
Коржоңдогон Кадырбай
Кырыласың окустан.
Эл жыйнасам окустан
Кызык болот жаныңа
Кыйыным төрөм баш болуп,
Кыйкырыкты биз салсак
Качып кирер жер таппай,
Кирериңе көр таппай,
Корголорго эр таппай,
Атаңдын көрү, жедигер
Кордук көрүп жүрбөгүн.
Козголуп журт, чуу туруп,
Зордук көрүп жүрбөгүн.
Бакылдайсың Кадырбай
Баарын ойлоп калыпсың
Бакшысымак түш көрүп,
Байыркыны ойлойсуң
Башы буулу акылдан
Бирөөн койбой ойлодуң
Калк айнытып, журт бузган
Кадырбай өзүң оңбодуң.
Ар качандан, бир качан
Бул канкордун эрдигин

www.bizdin.kg



Көрүп калган экенсиң,
Чын жанындан түңүлүп,
Өлүп калган экенсиң.
Кайра айныгын жедигер
Канымды кайра табайын
Каарым келип какайып,
Кайра журтуң чабайын,
Эл эмессиң жедигер
Эсебиңди табайын
Эр Кыяз менен Төлөбай
Эрениң мында турасың
Баатыр десем, жедигер
Катын чалыш экенсиң
Эми бирди көрдүңөр.
Бек акыл ойлоп жедигер
Бети кара кылдыңар
Ара жерде чуулдап,
Акыл ойлоп алдыңар,
Кадырбай менен Төлөбай
Кыйын Кыяз шериң бар,
Кыжылдайсың жедигер
Силерге айтар кебим бар,
Айнып турсаң анчейин
Алышбаймын деп, чыныңды айт,
Айникейим кармаса
Айзачан тозом алкымды
Атаңдын көрү, жедигер
Айдап кырам калкыңды.
Кайра элдешип канкорго
Каның союп дуу кылам,
Баштагыдан беш эле
Жедигер сага чуу кылам.
Казатка минер малым бар
Менин Күлчором чыкса кыйкырып,
Сага жетер алым бар,
Кыжылдабай жедигер
Ара жерде былкылдап,
Акыл ойлоп, кеп баштап,
Мынчалык бокту жедигер.
Эр Канчоро кебине,
Кирдим десең эбине,
А жедигер, мунуңду айт,
Кирбейм десең аныңды айт.
Кирбейм десең эбиме,
Көнбөсөң айткан кебиме
Каарланып какаям,
Кайра кордук көрдүңөр.
Бир кыйкырып оолуксам
Калың кара жедигер
Бүткүл баарың өлдүңөр,
Чабышчуу жоом Семетей,
Калк чогулуп, журт дүрбөп,
Калбай баарың аттанып,
Ушул турган Таласка
Эмне издеп келдиңер?» –
Деп, ошентип, Канчоро
Каарданып турду эле,
Эрендик көптөн баштады
Ускалуусу кандары,
Улуктары шерлери,
Уйгу-туйгу аттатып,
Канчоро кандын алдына
Калтырбай мүлкүн бат тартып.
Түпкө чогуу жетер деп,
Кыймылдаса окустан,
Кыргын кылып кокустан,
Кырып иет окустан,
Кыжылдасак ошентип
Кырып кырып салар деп,
Кырандардын өзүнөн
Кимдер сурап калар деп,
Кызыталак жандан түңүлүп,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Жедигердин эр Кыяз
Канчоро канга кеп баштап:
«Атаңдын көрү, Канчором,
Чоң шерлиги бар чором.
Кулдук сенин өзүңө,

www.bizdin.kg



Кубандык ушул сөзүңө,
Жедигер эмес, ааламды
Жеке бийлеп кан болгун
Казатка кирсе кыйкырып,
Жол-жосунун айтууга
Жолборсум өзүң бар болгун.
Айкайды арбын салыңыз.
Эки тизгин бир чылбыр
Эреним сизге берелик
Журт милдетин алыңыз,
Алакандай жедигер
Убалы-сообу болобу
Милдеттерин эреним
Бир көтөрүп калыңыз!
Бийликти бердик колуңа,
Ээрчийлик баатыр соңуна.
Чабыш десе чабышып,
Айтканыңа көнөлүк
Калк чогулуп, эл чуулап,
Арт жагынан баатырым
Караан болуп берелик.
Кагышты катуу салыңыз,
Канкор түгүл кылымга
Баатыр, калтырбай айдап барыңыз!
Акыл таап, кеп баштап,
Кадырбай болду күлкана
Калың кара жедигер
Канчоро бизге букара
Төлөбай баштык карыбыз,
Өзүңдү медер кылабыз,
Бүт жедигер баарыбыз,
Баатыр, убалы-сообу болобу?
Ушу турган жедигер
Милдетин бир көтөрүп калыңыз!
Атышсаң жоога туралык,
Айтканыңды кылалык.
Кагышка катуу кирелик,
Баштыгыбыз Канчоро
Сизди кан экен деп жүрөлүк.
Калың кара жедигер
Кайра айтаары болбосун,
Каяша берсе жедигер
Казыр өлсүн оңбосун
Эреним сиздин кебиңиз
Эгери эки болбосун.
Мыктууларың, шериңди,
Өз жаныңа бөлүп чык,
Белиңе таңуу эриңди!
Бет алганым Семетей,
Бейжайды бекем салалы,
Кылча калбай жалгыз жан
Кырылышып алалык?!
Сакалдуубуз, карыбыз
Жол баштасаң Канчоро,
Кыргын тийген немедей
Кырылалы барыбыз!
Сен айт десең, кылт коюп,
Бүт жедигер кетели.
Мылтык атып, жаа тартып,
Сен айдеген жериңе
Кылча калбай жедигер
Кырылыша кетелик.
Улуктурсуң, кандырсың
Ушунча журттун коргону
Эл башкарган жандырсың,
Эрендирсиң, шердирсиң
Калк башкарып, журт күтчү
Канчоро каным сендирсиң,
Эреним ээрчип өзүңдү,
Эп көрөлү сөзүңдү,
Карааның тоодой көрүнөт
Баатыр, кан көтөрдүк өзүңдү.
Кагышты катуу кылыңыз,
Калк алдында кампайып,
Баатыр, караан болуп туруңуз!»
Кайран Кыяз муну айтып,
Жедигердин баарысы,
Айзасы курч ыктуусу,

www.bizdin.kg



Айласы толук мыктуусу,
Көп жашаган карысы,
Көмкөрүлүп чуу туруп,
Көп жедигер баарысы,
Мыктуусунган шерибиз,
Каранган Чоро эрибиз,
Сөзгө кулак салыңыз,
Калың кара жедигер.
Баатыр, милдетин өзүң алыңыз,
Жедигер курчап эл турду,
Убаданы бек кылды,
Адам өлөр шерт кылды,
Эрендин баарын жыйышып,
Эндей чыбык кыйышып,
Журт милдетин алыңыз,
Калжыраган журт болсо
Тыйпыл кылып салыңыз.
Касташарың Семетей
Каршы айза сунушкун,
Кылыч шилтеп, балта чаап,
Карсылдашып турушкун» –
Деп, ошентип, жедигер
Арбагын арттык жан кылды
А жаңжалга башчы деп,
Канчорону кан кылды.
Канчоро кан болгон соң
Кудай бетин көргөзбө
Эки тизгин бир чылбыр
Эми колго алыптыр,
Жети-Өзөндө жедигер
Жерге кирген Канчоро
Кан көтөрүп салыптыр,
Кадырбай менен Төрөбай
Кайран Кыяз бул үчөө
Алтын түрдү килемге
Ал жедигер чуу туруп,
Канчоро канды салды эле
Каныбыз Чоро мына деп,
Журт чуркурап, чуу туруп,
Кан көтөрүп калды эле.
Алтын таажы кийгизип,
Алтындаган тагына
Алтымыш киши мингизип,
Кан атагын кылды эле,
Кан көтөрүп турду эле,
Канчоро каның болгон соң
Арбыбайбы жаңжалы
Ал капырдын турушу,
Күчөбөйбү теги эле
Канчоронун урушу,
Калк бүлдүргөн жумушу.
Канчоро кан болгон соң
Эки тизгин, бир чылбыр
Эми колго алыптыр,
Калк бийлөөчү кан болуп,
Касиеттүү жан болуп,
Эрешен тарткан эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Айчыгы алтын кызыл туу,
Асмандата ачтатып,
Аскер жыйнап кол алып,
Кан болгон соң Канчоро
Жедигер журтун чогуу алып,
Добулбас бекем кагышып,
Калың кара жедигер.
Кандан буйрук келди деп,
Калбай жүрдү жабылып,
Эрендери, кандары,
Эчен түрлүү жандары
Кол козголуп жыйылып,
Кол-колуна урунуп,
Айкай кулак тундуруп,
Балбандардан жабылып,
Баатыр турган султанга
Кол чуу туруп камынып,
Кечээ таң кашкайып атканда,
Тараза жылдыз батканда
Күн кыйырын жүргөндө,

www.bizdin.kg



Билер билбес чаң болуп,
Жерге жарык тийгенде,
Баары тулпар көйкашка
Кур мингенин бир бөлүп,
Ээленип кирчү согушка
Кызыл жээрде кыйгачтап,
Ат мингенин бир бөлүп
Кыл куйругун кутургур
Чарт түйгөнүн бир бөлүп,
Эл четинде кыйгачтап,
Жүрүүчүсүн бир бөлүп,
Айгай салып атышка
Кирүүчүсүн бир бөлүп,
Уйгу-туйгу сан колду
Сүрүүчүсүн бир бөлүп,
Айзакерден даңгылын
Эчен түркүн камбылын,
Түрдүүгө бөлүп карысын,
Калтырган жок кашайгыр
Камбылынын баарысын,
Балтага балбан эренин,
Чокмор чапчуу беренин,
Чогултуп айдап Канчоро
Эс билүүчү карысын,
Аскер башчы баарысын,
Түгөл айдап дүркүрөп,
Түгөнгөн Кыяз алдында
Буура төөдөй күркүрөп,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жаман дүмөк, чуу болуп,
Жайнап чыгып калды эле,
Жан жабылтып сан колун
Айдап чыгып барды эле.
Алтын түркүк ак чатыр
Кол козголуп барганда
Алды жагы Семетей
Ааламды бузган шер баатыр
Семетей кандын өзүнө
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып, ок атып,
Тегеректеп калды дейт,
Жаанын огу дыркырап,
Ок жаңылып чуркурап,
Каптап кирди жедигер.
Жедигер каптап киргенде
Манастын уулу Семетей
Чымын жандан чочунуп,
Чындамак болду кабылан
Арчатору бууданды
Алып кирип токунуп,
Жазайылды салынып,
Жоо жагына камынып,
Кыргалы болот сыр айза,
Кызыгын көрсөң көйкашка,
Кылымда калган көйкашка,
Жоо бөрүсү шер болучу
Сандап жоого көп кирип,
Көкжалдыгы көрүнүп,
Арстан өзү эр эле
Арчатору бууданга
Оозун силкип, камчы уруп,
Айбаттанып, көз жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Каарланып какайып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк сеңирдей көрүнүп,
Айбат баштап айкырып,
Манастап ураан чакырып,
Урушка шаңдуу кабылан
Уй түгүндөй жедигер
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Белгилеген жети туу
Жети жерге орнотуп,
Жеткилең жайы ушундай
Жеткен жерин сойлотуп,
Каарына чыдабай
Журт чуркурап, чуу болуп,
Артык жаңжал дуу болуп,

www.bizdin.kg



Айза кыйрап короюп,
Кээ бир, кээ бир жедигер
Качып-үркүп тороюп,
Анталаңдап кээ бир жан
Айкөл шерге болду таң,
Асман ачык, жер бүркөө
Алаңгир болду мына чаң.
Чуу туруп буркурап,
Чуулганды жедигер
Канкор шердин өзүнөн
Качып жүрөт дыркырап.
Не бир чыйраксынган кан өлүп,
Чын ушундай урушта
Айза сунуп, ок атып,
Айкырышып турушту.
Берен тууган Күлчоро
Ажал жетсе өлөм – деп,
Айкөл шердин өзүнө
Караан болуп берем – деп,
Караандай жаңжал чатышка,
Калбай бүгүн атышка,
Бөйрөгүн бузуп, жол салып,
Калың кара жедигер
Кабылан Чороң кол салып,
Бөйрөк жагы жедигер
Бөлүп келип берди эле,
Алкым жагын агынан
Айдап жанчып колотуп
Берен экен көкжалың
Бет алган жагын сойлотуп,
Каарын салып бакырып,
Калтырбай айдап сапырып,
Кайнап жаткан жедигер
Калкын бузуп зыргытып,
Толуп жаткан жедигер
Тобун бузуп зыргытып
Бет алдына келгенин
Берендиги ушундай
Шыйрактан кармап ыргытып,
Бет алышып калышып,
Былчылдашып салышып,
Ажалдан адам жутулуп,
Ок өтпөс тондор тытылып,
Ай балталар быркырап,
Айза сынып чыркырап,
Адам качып дыркырап,
Аябай согуш болду эле.
Бет алышып турушуп,
Бейпайлашып урушуп,
Кезигишип турушуп,
Талкалашып урушуп
Тулпар чарчап чаалыгып
Эрен чарчап наалынып,
Ичи өрттөнүп, эл өлүп,
Аламан уруш болду эле
Тулпар өлүп коо толуп,
Адам кулап, тоо болуп,
Жаңжалдашып салышып,
Бет алышып урушту
Берендик жайы ушундай
Былкылдашып турушту.
Калың жаңжал, чоң кыргын
Болуп жаткан кезинде,
Күчү жокту күчтүү эрен
Соруп жаткан кезинде
Дүмөктү кыргын, чоң жаңжал
Болуп жаткан кезинде,
Кызыл мунар тоо болуп,
Кыйланын баары козголуп,
Канчоро бузуп ийген соң,
Өзүнчө кыргыз салышып.
Кытайдан кыйын жоо болуп,
Алы бар эрен топ бузуп,
Ажалы жеткен окко учуп,
Эрен чуулап журт дүрбөп,
Эпсиз уруш болду эле.
Чубак уулу Канчоро,
Чуулгандуу ал Чоро,

www.bizdin.kg



Көңүлү кара, ичи арам,
Көргөндөн чыкпайт мындай жан,
Ичи жуукуй, чоң бузук,
Абасына ок атып,
А чочко салды чоң кызык,
Күлчоро жүрөт тырышып,
Калың кара жедигер
Качбай кыраан урушуп,
Ар тилеги көкжалды
Ажыратып алууда,
Эби менен жедигер
Эл тынчытып салууда.
Кабылан тууган канкордун
Мындай мүшкүл жаңжалдан
Ажыратып алууда
А байкуш жүрөт тырышып,
Чубак уулу Канчоро
Жедигерди карата
Айза сайып кыбырлап,
Аты жүрбөйт канкорду
Азыр өлүм кылгын деп,
Жедигерге шыбырлап.
Жалпы баарың чуу туруп,
Жан-жабылып өткүн деп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Мыктуусунган канкордун
Түбүнө бүгүн жеткин деп,
Тегеректеп жайна деп,
Темтеңдетип беренди
Уруп-жанчып жайла деп,
Качпай, үркпөй жедигер
Күлчоросун карма деп,
Жуукуй кулун байла деп
Качпай уруш кылууга
Карсылдашып турууга
Кан төгүшүп баш кесип,
Өпкө тешип, өт алып,
Өлчөлүү жоону бет алып,
Кудай алган жедигер
Курга түйгөн кант кана?
Кудай дешкен ант кана?
Ак буудай данын чайнашып,
Ак албарс мизин жалашып,
Баягы кылган ант кана?
Калкка Чоро муну айтып,
Мытамдыгы башынан
Озуп алган кези экен.
Калың журтту Канчоро
Бузуп алган кези экен.
Кесиреттүү бул Чоро,
Ата кесири калың кул Чоро,
Жедигерди карата
Айза сунуп кыбырлап,
Айтып турат ушунтип,
Жедигерге шыбырлап,
Не бирөөсүн жакадан
Уштамыш болот жуукуй кул,
Кээ бирөөсүн калп эле
Муштамыш болот бузук кул,
Кээ бирөөсүн этектен
Алымыш болот калп эле
Кээ бирөөсүн келтирип
Сайымыш болот калп эле
Салыш болуп турганда
Чымырканып күүлөнөт,
Чын душман экен Канчоро
Эр Кыязга сүйлөнөт:
«Атаңдын көрү, эр Кыяз,
Кайраты жок жер Кыяз,
Айткан сөздү бил Кыяз,
Колго тийген душманды
Кордук кылбай турарбы?
Коржоктоп коркуп төрөдөн
Кыязды Кудай урарбы?
Кызыл болот Зулпукор
Албайсыңбы сен Кыяз?
Кыйын жаңжал чоң мүшкүл
Салбайсыңбы сен Кыяз

www.bizdin.kg



Манастын уулу көөдөктү
Тегеректеп кыйкырып,
Барсаң боло, оо, Кыяз?
Каптап байлап көөдөктү
Алсаң боло, оо, Кыяз?
Каптап байлап көөдөктү
Кыяз алсаң болот ко,
Бир беттешип көкжалга
Барсаң боло, оо, Кыяз?
Баатыр Кыяз деп жүрсөм,
Катын Кыяз экенсиң.
Абайласам урушта
Акылыңдан шашасың,
Тике кирбей канкорго
Сырттап неге качасың?
Минтип турсаң сен Кыяз,
Алдырасың белиңди,
Кырдырасың элиңди,
Ээлетесиң элиңди,
Ээлетесиң канкорго
Аштык айдап, жан баккан
Жети-Суу чалкак жериңди.
Ырдаса билер ырыңды,
Алмамбеттин Чоросу
Билер сенин сырыңды,
Он айза сунуп жутунар
Сырыңды билип салышса,
Былчылдашып калышса,
Багалектен алышса,
Балаалуу шумдук кыйын жоо
Былчылдашып калышса,
Каныңды карап кылбайбы?
Калтырбай калкың кырбайбы?
Кутургур жайы ушундай.
Ач айкырык, куу сүрөөн
Аябай казат, чоң дүрбөн
Жыйналса жылас кылбайбы?
Жедигер миң, ал жалгыз,
Жерге кирчи, эр Кыяз,
Жетесиз киши экенсиз,
Өзүң акыл таба албас
Аңкоо киши экенсиң,
Өзүнчө уруш сала албас,
Жалкоо киши экенсиң.
Жайың чалкак Жети-Өзөн
Бел экен деп чакырдым,
Белдешчү тууган эр Кыяз
Шер экен деп чакырдым.
Жалтаңдайсың кысталак,
Эр эмессиң, шердирсиң.
Эми жиним кайнаса,
Көрүнөө өлчү сендирсиң.
Айза кармап ал Кыяз
Чымырканып бакырып,
Толтойлоп ураан чакырып,
Жетик айза сал Кыяз,
Жерге кирген канкорду
Жер майлантып сал Кыяз,
Бир атаң эмес кутургур
Жети атаң өчүн ал Кыяз!
Үркүп-коркуп качкыдай
Баатырлыгы сында жок.
Алты ай минсе арыбас,
Алтымыш асый болгуча
Азуу сайып карыбас,
Кумдуу жерде чураган,
Толгон алптар сураган,
Сураса жанга бербеген,
Бейдаарат киши минбеген,
Темир туяк, жез билек
Тердебей турган чоң буудан
Өзү тулпар адаты
Караңгы жерге бактырган,
Кайманалуу сынчыдан
Касиеттүү зор Кошой
Кадиктүү күлүк экен деп,
Кастарын тигип жактырган.
Асемдетип каранды

www.bizdin.kg



Абай менен жаптырган,
Темир туяк, жез билек,
Душманга салган чоң дүмөк
Тердебеген союлгур,
Алты ай минсе адаты.
Астындагы канаты
Бу Тайбуурул аты жок.
Канатынан кайрылып,
Буурул аттан айрылып,
Өлөмүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Канаттуу Буурул барында
Калк жөлөгөн дөө болуп,
Башта кылым журтка ээ болуп,
Эми Арбуурулдан айрылып,
Ала көөдөк зор канкор
Калган быйыл жөө болуп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Өлүм ажал көзүнө
Элес-булас көрүнүп,
Эси кеткен убагы.
Колдогону кырк чилтен
Кези кеткен убагы.
Чама чарчап кыраандан
Өзү кеткен убагы.
Кайыптан тууган нар Буурул
Басып кеткен убагы,
Касиети башынан
Качып кеткен убагы.
Колдогону кырк чилтен
Боюнан оолап кетти эле,
Оңурайган көкжалдын
Ажалы быйыл жетти эле,
Ок жетпеген аты жок,
Ок өтпөс тондон айрылып,
Жал-куйруктан айрылып,
Топол болгон чак эле,
Мүйүз сынып башынан
Токол болгон чак эле,
Мингени жаман ат болуп,
Зулпукор чыкпай кынынан
Быйыл калган дат болуп,
Айдалыдан Аккелте
Жандагы болот тең болуп,
Оолугуп атса карандын
От алганы кем болуп,
Кырсыкты миңи чалган кез,
Азап, мүшкүл, ажал иш
Темтеңдетип канкорду
Тегеректеп алган кез.
Айза сунуп айкырып,
Барбайсыңбы, эр Кыяз?
Бардыгер сырын мен айттым
Баатырлыкка, шердикке
Баатырды мындай сайдым деп,
Атак алчу эрдикке,
Салбайсыңбы, эр Кыяз?
Бетиңе келген ырысты
Укпайсыңбы, эр Кыяз?
Беренсиген канкорду
Жутпайсыңбы, эр Кыяз?
Суруң салып бакырып,
Кирбейсиңби, оо Кыяз?
Сурасаң асты бербеген
Султан эрдин Аколпок
Сууруп чечип үстүнөн
Кийбейсиңби, сен Кыяз?
Ашкан жаңжал казатка
Барбайсыңбы, о Кыяз?
Айкөл канды дүнүйө
Албайсыңбы, сен Кыяз?»
Айдап, шыкап барганда
Капталынан канкордун
Жедигердин эр Кыяз
Сырдуу айза колго алып,
Тоотору санга бир салып,

www.bizdin.kg



Тоодой болуп бакырып,
Багыштап ураан чакырып,
Кыяз айза сунду эле
Капталынан Кадырбай,
Төмөн жактан Төлөбай,
Калдай четтен Канчоро
Калбай айза сунду эле.
Уңгусу болот, учу курч
Учуна тарткан кара курч
Комокоюн уулаган,
Койгулашса жыргаган,
Жебелүү болот сыр айза
Жетип айза сунду эле,
Ар кимиси бир бирден
Жетип айза урду эле,
Манастын уулу эр төрөң
Зың-зың этип кенебейт
Сан түмөнү качырса,
Каңкор шерге асылса,
Бучкагына теңебейт.
Душмандан бетер түнөрүп,
Канчоро айза салды эле,
Канчоронун айзасын
Орто белден канкоруң
Үзө чаап салды эле.
Тиктегенде эр төрөң
Эми этектен аларда
Душман болгон Чорону
Узунунан саларда
Көктөн жылдыз тутулуп,
Көрүнөө качып кутулуп,
Көпкөрүнө Чорону
Душманы мындай болобу?
Ичи өрттөнүп, чок болуп,
Иниси душман болгон соң
Бу жалганчы чиркинде
Кантип турсун токтолуп,
Ээр белдей мойнокко,
Сала качты Канчоро,
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз малдын чубама
Сала качты Канчоро,
Бир чымындай куу жанды
Ала качты Канчоро.
Төлөктүн уулу Төлөбай
Калчанын уулу Кадырбай,
Канча жоонун мыктысы,
Жедигердин жакшысы,
Канча колдун баштыгы,
Кадырбай менен Төлөбай
Канкорго айза саларда
Көөдөндө көп санаа,
Эр Күлчоро кыраандын
Көзүнүн жашы миң талаа.
Агарып өң суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Күлүстөн чоро жетти эле,
Төлөбай менен Кадырбай
Жеткен жерге экөөнү
Жетик балбан Күлчоро
Күмжам кылып кетти эле.
Экөөнүн башын эр Чоро
Жеткен жерде кести эле.
Курмандыкка чалыптыр
Айлакерден ыктуусун,
Кадырбай менен Төлөбай
Атактуусун мыктуусун,
Жоо бөрүсү эренин,
Жолборс тууган беренин,
Ар кайраты көрчүсүн,
Жер жайнаган жедигер
Караан болуп берчүсүн,
Айласы бар эченин,
Акылга дыйкан чеченин,
Алып башын кести эле
Өпкөсүн сууруп экөөнүн
Эми эсебин тапты эле.

www.bizdin.kg



Баатыр көкжал туйгунга
Садага кылып чапты эле.
Төлөбай менен Кадырбай
Эки шерди өлдү деп,
Барса келбес чын жайды
Бул эки шер көрдү деп,
Ак асаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Чамаа чарчап ал кетип,
Чабыш мындай болду эле,
Айза кыйрап эр өлүп,
Акылга дыйкан тең өлүп,
Бирөө калбай экөө өлүп,
Күлчородон жеке өлүп,
Качып үркүп дыркырап,
Жедигердин баарысы
Кыргын тийген эмедей,
Кызык болуп анысы
Кыжы-кыйма чуу туруп,
Жедигердин баарысы
Жеке чоро сорду деп,
Жедигер камыш, тиги оргок
Жеткен жерде орду деп,
Жер дөмпөйтүп койду деп,
Уйгу-туйгу жедигер
Баскан жерин таптады,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Жедигер Чоро каптады.
Жедигер каптап келгенде
Каарданып какайып,
Кайран төрөң муну айтат,
Билгенге муңдуу шумду айтат:
«Алда Таалам жаратып,
Шай колдогон шер кылдың
Өз тууганым жедигер
Жедигерге кан кылдың.
Канатымдан кайрылдым,
Айбанда болсо Нарбуурул
Тулпарымдан айрылдым,
Душман болуп тууганым.
Ичимде турат бушманым.
Душман кылды өзүмдү
Ок аттырдың жараткан
Карарган кара көзүмдү
Ажырадым буудандан
Душман болгон туугандан.
Туура кантип кутулдум.
Кыйындыгым сында жок
Кыргыз журтум жоо болду,
Кытайдан өлсөм арман жок.
Тууган душман болгон соң
Кырылышып өлөйүн.
Кыйын мүшкүл балааны
Ушу журттан көрөйүн,
Тобуна тозок салайын,
Толгоп күнү урушуп,
Кайдагы өчтү алайын.
Ажал жеткен өлбөйбү?
Жараткан жазып койгонун
Жаралган пенде көрбөйбү?» –
Деп ошентип, Семетей
Каарланып какайды.
Канкор жайы ушундай
Толкуп кетсе көкжалга
Тоо туруштук берчү эмес,
Карарганда канкорго
Менде чыдап келчү эмес,
Себилдүү тону төрт болгон,
Серп алган жагы өрт болгон,
Кандуу тону төрт болгон,
Кармашкан жагы өрт болгон,
Каптап пенде келбеген,
Кагышып душман жеңбеген,
Канкор жайы ушундай.
Үтүрөңдөп турушту,
Жедигер миң сан берки экөө,
Былчылдашып урушту.
Каарланып бакырып.

www.bizdin.kg



Ата, беренсиген кайран шер
Күлчорону чакырып:
«Айланайын Күлчором,
Астыма салсам ак колум,
Душман күчөп келгенде
Ажыратар болжолум,
Кыргын салар кыраакым,
Кыйырың абакесине
Караан болчу мураапым,
Кыраан деп атка коюлган,
Кез болгон душман союлган,
Кагылайын мураапым.
Суркоён оозун буруп бер
Бу кыргынга туруп бер,
Кызыкты кыйын салып бер,
Кыяз менен Канчоро
Экөөнүн башын алып бер!
Тулпар оозун бурушкун
Кудай үчүн, мен үчүн
Алты жыл тынбай урушкун!
Жадаалды чабыш ушу деп,
Жан кыйышып турушкан» –
Деп, ошентип, Семетей
Каарданып сумсайып,
Канча сөз айтып тууганга
Арторуну бир салып,
Сыр айзасын колго алып,
Сырттан айза сунду эле,
Чактабай чабыш салды эле,
Чалкылдашып калды эле.
Калың кара жедигер
Калкын бузуп, кол салып,
Жедигерге кол салып
Арторусун ойнотуп,
Адегенде сойлотуп,
Айдап кирди баатырың.
Какан калкын кыргансып,
Жайлап кирди баатырың,
Чындаса айза чыркырап,
Кулдугум – деп, жедигер,
Качкан экен дыркырап.
Ал жедигер көп журттун
Эрендерин, шерлерин,
Кызыл чаңга боётуп
Кыргын кылып элдерин,
Тоо жоголгон урчукка
Тобу менен сүрдү эле,
Топтотуп айдап кирди эле.
Айры белес акыска
Айдап кирип барганда,
Ондон, бештен кыйкыртып,
Жайлап кирип барганда
Астындагы Нартору
Карчыт эти үзүлүп,
Көткү саны бүгүлүп,
Ылдый карай тартканда
Өпкөсү көөп болкулдап,
Өөдө карай тартканда
Иче-карды солкулдап,
Кулагы тердеп, баш чайкап,
Алкым кыя белести
Ашпай турду Нартору,
Арам өлүп шалпылдап,
Баспай турду Нартору,
Ачуусу келип кабылан:
«Аргымак багып ат багып,
Айлансын Буурул буудандан,
Ар азамат эр жыйдым,
Арыстандарды тең жыйдым,
Айланып кетсин акыры
Күлчородой туугандан.
Он төрт ат деп ат кылып,
Он төрт тулпар дегизип,
Согончогу бир тутам
Чочкону баккан экемин,
Багалчагы бир тутам
Баканы баккан экенмин,
Артору жүрбөй турду эле.

www.bizdin.kg



Арманын айтып айкөл шер
Ар деме айтты бүлүнүп,
Аманат жандан түңүлүп,
Ай караңгы түн болуп,
Жаман өлмөк экенмин,
Ажалым жетер күн болуп,
Арам өлмөк экенмин!
Ай ааламдын баарысын
Ээлеп өлмөк экенмин,
Аягымда атым жок
Жөөлөп өлмөк экенмин.
Чама чарчап, ал кетип,
Кордуктан өлмөк экенмин,
Акыл качып, ич сыздап,
Жөөлүктөн өлмөк экенмин.
Тарчылыкты көрүпмүн
Тайбуурулдан айрылып,
Таежеге бергенде
Ошо күндө өлүпмүн».
Болкулдай басып аянып,
Каңырыгы бек түтөп,
Катуурак мүшкүл иш болду,
Аккелтени таянып,
Аты жүрбөй бул мүшкүл
Азапты артык тартты эле,
Акканкыны шыпырып
Аңылдай басып кайран эр
Аңгырап керээз айтты эле.
Эр керээзин айткыча,
Эрени Чоро келгенче,
Кудай бетин көргөзбө,
Жалпы кара жедигер
Жабыла кол салды эле,
Калың кара жедигер
Карасаң мүшкүл ушундай,
Каптап жатып калды эле.
Жер дүңгүрөп жээлигип,
Жедигер каптап өткүчө
Түп көтөрө дүңгүрөп,

Канкор шерге жеткенче
Качырып айза сайдырбай
Канкор шерди алдырбай,
Берен тууган Күлчоро
Кыязын бузуп жол салып,
Кыжылдаган көп журтка
Кыйкырык салып, кол салып,
Маңдайлашып турушуп,
Барсылдашып урушуп.
Баатырлыгы шерлиги,
Озо чыкты Күлчоро.
Баатырга жеткизбей
Жедигердин баарысын,
Жашы менен карысын,
Айбалтачан ыктуусун,
Айзага камбыл мыктуусун,
Бели катуу беренин,
Бек көгөргөн эренин,
Балбансыган шерлерин,
Бадана кийип барбайып,
Балкылдаган эрлерин
Тозо чыгып Күлчоро
Тозокту тоодой салды эле,
Жакындашпай урушуп,
Жадаалдашып турушуп,
Жаман кыргын болду эле.
Жөө турган баатырга
Озо чыкты Күлчоро
Таш коргонун талкалап,
Такыр айдап колотун,
Тозо чыкты Күлчоро.
Кум коргонун куйкалап,
Кулжуңдаган эренин
Кууп чыкты Күлчоро,
Куп ошондой беренин
Кең багалек жаргак шым
Керишке балбан шер Чоро,
Каарланса буй кылган
Кабылан балбан эр Чоро,

www.bizdin.kg



Кагыш кылбай калбады
Канчоро, Кыяз эрлерди
Кабыландан үстүнөн
Чөл түшүрүп айдады
Айза жеткен жерлерин
Айза менен аңтарып,
Андан жакын келгенин
Кылыч менен кыймалап,
Кыргынды кызык салды эле.
Жеткен жерин майдалап,
Эрендерин айзалап,
Канчоро менен эр Кыяз
Балбандарын кайдалап,
Калың кара жедигер
Калтырбастан жапырып,
Калтырбай согуш кылууга
Жекеме-жеке урушуп,
Үксөндөшүп туруугa,
Канчоро канды чакырып,
Каарланып бакырып,
Калбай согуш кылууга
Эр Кыязын чакырып.
Кайнап келген жедигер
Кабылан шердин үстүнөн
Кайра айдады сапырып.
Кайратташып чоң балбан
Күлчоро салды чоң жаңжал.
Күлчородой берендин
Добушунан чаң чыгып,
Кайратынан жан чыгып,
Ашып-шашып сабылды
Жедигердин эр Кыяз
Курдаш ай деп кутургур
Канчорого жабылды:
«Кагылайын курдаш ай
Балбан да экен, шер да экен,
Ушу жүргөн Канчоро
Туулган адам уулунан
Туура өрттөнгүр шер экен.
Ай-ааламды буй кылган
Кырып кетер неме экен,
Көкжалдыгы көрүнөө
Айзакерден ыктуу экен.
Ай-ааламды буй кылган
Аябаган мыктуу экен.
Улукман окшойт, шер окшойт,
Ушунчалык эр окшойт,
Камынганы жолборстой,
Качырганы аман болбой,
Керилгени арыслaндай,
Кезиксе жанды жанчкыдай,
Каары терең буткулдай,
Кагылайын курдаш эй,
Качырганды жуткундай,
Шамдагайы жолборстой,
Табышкан аман болбостой,
Теңиз төрө султанга
Теңелишип нетели,
Теги баатыр, кебимди ук
Айылга аман кайтсак бейм,
Абакелеп жалынып,
Арыслан шердин өзүнө
Тоотору тартып кайтсак бейм,
Тооторуну тартпасак
Күлазыктан чачалы.
Тиги ээр белдей мойноктун
Этек жагын ашалы.
Көкжал шерге катылбай
Кокуй, курдаш качалы,
Ал кетпеген айкөлгө
Алышты кылып нетели,
Айдиретин курдаш ай
Теңелишип чырдашпай,
Теги, достум, кетели,
Мурункунун кеби эле
Буурyгуп кетсе айкөл шер
Буй кылып иет деди эле
Баштагынын кеби эле.

www.bizdin.kg



Каарланса, канкор шер
Карап кылып жер жүзүн
Калтырбай кырат деди эле,
Айтканым ушул билип ал,
Алда, достум, тилими ал,
Жети-Өзөндү жердеген.
Аз жедигер журт элек,
Өзүнчө душман жеңбеген,
Каптап адам жүрбөгөн,
Канкордон коркуп биздерге
Тиги кызылбаш калкы тийбеген.
Канкор шер да бар деп,
Бараңдын эли баспаган,
Бармактуу адам батпаган,
Көк арысландай толгонгон,
Даңкын угуп канкорго
Алек болуп көкжалдан
Айгандын калкы ойгонгон,
Белдүү канкор бели эле,
Мендеден артык шер эле
Ичи кенен, өзү шер
Жер жүзүнөн кең эле.
Эркек ашып катын тууп,
Бул өңдөнгөн көкжалды
Мендеси бербейт деги эле,
Бетин көрдүм көкжалдын
Ажыдаардын түгү бар,
Аркасын көрдүм айкөлдүн
Айза сунуп качырган
Алты миң эрдин сүрү бар.
Колдогону сур жолборс
Кобутта мындай жан болбос,
Оозунан чыккан илеби
Он эки ашуу желиндей
Оолукмасы кармаса
Айланайын курдаш эй,
Бу канкоруң ай-ааламды жегидей.
Адамдан мындай көрбөдүм
Кожурунан жан шашат,
Кобуртунан эл качат,
Кабагы бийик буткулдай,
Кармашканды жөн эле
Ат-тону менен жуткудай,
Колдогонун караңар
Оозун ачып ышкырып,
Жөн эле жутканы турат кара Мар
Каптал жагын карасам
Оозун ачып онжондоп,
Жарганы турган сур жолборс,
Бул эмне болучу?
Айланайын курдаш ай,
Жаанамда мындай жан болбос
Алп каракуш-зымурук
Бул асмандан күүлөнүп,
Азыр эңип кетчүдөй,
Арбайта бутту сунуптур,
Канкор шердин өзүнө
Сүрөөн болуп туруптур,
Алтымыш киши бакырып,
Ар кишиси көрүнө
«Манастап» ураан чакырып,
Ар кишинин мингени
Темир туяк жез билек
Тегиз бедөө малы бар,
Бир кишисин карасам
Бир кишидей алы бар,
Айза сунуп чакчайып,
Тулпар оозун буруптур,
Кабыланга моминтип
Караан болуп туруптур,
Мунусу кандай болуучу?
Бет алышса бул канкор
Кезиккенди соруучу,
Кыянын белин ашалы,
Кокуй, достум, качалы,
Бет алышсак өлбөйбү,
Берен ай, кулдук кылдык деп,
Бир далайды көрбөйлү,

www.bizdin.kg



Урушту мыктап салбайлы,
Жети-Өзөндө толгон жедигер
Жеңилип журтту кырдырып,
Убалына калбайлы
Кулазыкты чачалы,
Кулду калбай күңгүрөп,
Жети-Өзөн көздөй качалы.
Коржоңдогон канкорго
Көп теңелип нетели,
Белгилүү экен бел экен,
Мендеден бөлөк шер экен,
Кабарынан жан чыкты.
Сыягы бөлөк заары күч
Сырттан шердин өзү экен,
Кубалап көрдүм канкорду
Ажыдаардын көзү экен,
Айланайын курдаш эй,
Болжолун көрүп канкордун
Боконо сөөгүм болкулдап,
Бокту ичегим солкулдап,
Билек кетип сабынан,
Ботом, жүрөгүм чыгып кабынан,
Өзүм Кыяз болгону,
Өзөндүү сууга конгону
Ордо күтүп, кан болуп,
Олуязаада жан болуп,
Эки тизгин бир чылбыр
Эптеп колго алганы,
Эл башкарып, журт бийлеп,
Султан болуп калганы,
Чоң эрдигим бар болуп,
Жедигерге кан болуп,
Чоңдугум төөдөй нар болуп,
Жети-Өзөндүү жедигер
Жеке билген жан болуп,
Баатыр Кыяз болгону,
Кыяз атка конгону,
Күткөнүм сандап чок эле,
Кылганым кыйын шок эле,
Сыягы заар заары күч,
Бул өңдөнгөн жан менен,
Көркөмдү мындай кан менен,
Беттешкеним жок эле,
Болжолун көрдүм канкордун.
Ботом курдаш, кебимди ук!
Борумдуу да экен шер да экен,
Болжолу жок эр да экен,
Көз кашаты буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай,
Чамынганын чалгыдай,
Серпкенин колго алгыдай,
Кез болгонду кемирип,
Узунунан салгыдай,
Беттешкенди жаргыдай,
Бейпайды бекем кылгыдай,
Кез келгенди кыргыдай
Телегейи тең экен
Беттеп менде баргысыз,
Бет алган тирүү калгысыз,
Карааны тоодой шер экен.
Ай-аалам журт бириксе,
Катылгысыз эр экен.
Алайып көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай
Колдогону бар экен,
Жөлөгөнү бир тогуз
Теги көкжал беренди
Ботом, тегеректеп алыптыр.
Айбаты артык шер экен,
Ордо толгон кыргызга
Опол-Тоодой чеп экен,
Шерге согуш кылганың
Кудай урган кеп экен,
Беттешпеймин урушпайм.
Бейпайлуу айза сунушпайм,
Кабылан менен чалышпайм,
Канкоруң менен алышпайм,
Чалкылдашып нетейин

www.bizdin.kg



Ордолуу журттан айрылам,
Кокуй, курдаш кетейин.
Жер-суу жүзүн чалбаймын
Өлүм кирип аз калган,
Өксүп жүрүп бириккен,
Тентип жүрүп чогулган,
Тозуп жүрүп бириккен
Асмандан жылдыз жошулган.
Ар кайдан келип кошулган,
Аз жедигер биздин эл
Ушунтип кызык кылдырып,
Канкор шерге кырдырып,
Акылдан жаман шашпайлы.
Жеке кулдук кылдык деп,
Жалпы кара жедигер
Жер-жерди көздөй качпайлы,
Кыйлабызды кырбайлык
Кыжылдаган чабал журт
Кыйланы тартуу кылбайлы,
Кыялы тоонун сеңирдей,
Кыймылдаса канкоруң
Кыйырлуу журтту жегидей.
Тынч жатканда жедигер
Кол козголуп жыйылып,
Кокуй болуп жүрбөйлү,
Ара жерде кырылып,
Айкөл шерге катылып,
Азапка бөөдө чатылып,
Туйгунга бөөдө катылып,
Мүшкүлгө бөөдө чатылып,
Кара зоңгок ашуу бел,
Белсиз калып жүрбөйлү.
Эрен курдаш өзүң бил
Жедигер калктан айрылып,
Элсиз калып жүрбөйлү,
Шыйпанарга куйрук жок
Турган элден айрылып,
Куланга чалыш болбойлу,
Баса турган бутуң жок
Кайран журттан айрылып,
Жыланга чалыш болбойлу,
Айтканым ушул билип ал,
Канчоро курдаш тилимди ал.
Агасына таарынып,
Ини жоолу болчу эмес.
Тууганга кара саналып,
Баатыр, туулган уул оңчу эмес,
Баатыр, мал аласы тышында
Киши аласы ичинде
Минте берген оңчу эмес,
Баатыр, төрөгө салам айталы,
Бирдикти коюп бир жерге
Баатыр, дос болуша кайталы!
Жалаң кыргыз урушуп,
Кай муразга жетели,
Калкыбыз тууган үрөндөш
Жай айтышып дос болуп.
Жакын болуп кетели,
Жана душман жоо чыкса,
Кыжылдашпай кыргыз журт
Кыйын көп-көк турууга
Убада кыла кетели,
Манастын уулу көк жалга
Жалаң кара жедигер
Жан-жабыла туралы,
Жана баатыр мына деп,
Тоотору тартуу кылалы,
Аба деп салам айталы
Арысландан аман кайталы,
Түбү түптүү шер деген
Түгөнүшө жоо келип
Түгөнгүрдү жеңбеген,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Ааламга жеткен канаты
Алыш кылган менденин,
Канын ичмей адаты

www.bizdin.kg



Теңелишип нетели.
Журт бүлүнбөй, эл аман
Тил ал, достум, кебимди ук,
Ушунчада кетели!» –
Деп, ошондой деген соң,
Атыраңдап Канчоро
Алаңгир жаа аштады
Кыяз түгүл жедигер
Кыйкырыгы таш жарып,
Кырып ие таштады:
«Атаңдын көрү, эр Кыяз,
Аңылдай бердиң сен Кыяз!
Бул кебиңди ким уксун,
Бир караңгы түн уксун,
Казылган үңкүр ор уксун,
Кайнатып койгон шор уксун,
Мына ушундан бөлөк ким уксун!
Баатыр Кыяз деп жүрсөм,
Катын Кыяз экенсиң.
Эрен Кыяз деп жүрсөм,
Өз тапканын талкалап
Шашчу Кыяз экенсиң,
Өзүңдөн өзүң энтигип,
Каччу Кыяз экенсиң,
Каарым келген какайып,
Карангандан түнөрүп.
Каарланып турамын,
Өзүмдүн агам Семетей
Ушуга казат кыламын.
Өзөндү булак Жети-Суу
Өрдөтө салар малым жок,
Өз тууганым кас болду
Өлүмдөн тартар жаным жок,
Алмалуу булак Кең-Өзөн
Айдап салар малым жок,
Өз тууганым жоолашты
Ажалдан аяр жаным жок,
Арыслан Кыяз деп турсам
Ар бебиреп сөз айткан
Качкан Кыяз экенсиң,
Баатыр Кыяз деп жүрсөм
Ардемени көп айткан
Капыр Кыяз экенсиң,
Жети конуш жеримди
Бел экен деп отурам,
Жерге кирген жедигер
Эл экен деп отурам,
Убадага темирдей
Көк экен деп отурам,
Кашатка салган чоң дубал
Там экен деп отурам,
Дардаңдаган эр Кыяз
Сени кан экен деп отурам,
Бел алган жоого тырышпай,
Былчылдашып урушпай,
Деги акылдан шашалы
Бекем бейпай көрдүм деп,
Беттешчү болсоң өлдүң деп,
Бек атын тартып качалы,
Бек болбой кайра жерге кир,
Канга тойбос канкордун
Кай кылыгын билесиң,
Каар бузар бу анткордун
Атаңдын көрү эр Кыяз!
Акмак киши экенсиң,
Өз жаныңа чоң балаа
Тапчу киши экенсиң,
Өз жаныңа бир душман
Бакчу киши экенсиң,
Койдой башың кесилип,
Коондой ичиң жарылып
Кокуй болуп бүлүнүп
Жатчу киши экенсиң,
Кыйын мүшкүл балааны
Көрчү киши экенсиң,
Ажалдан мурун бачагар
Өлчү киши экенсиң.
Манастын уулу зор канкор

www.bizdin.kg



Тоотору тартуу сен кылсаң
Корконунан берди деп,
Катындан төмөн жедигер
Кологон бойдон келди деп,
Тоо тору тартсаң утпайбы?
Төбөңөн чоку тайытып,
Атаңдын көрү, Кыяз кул,
Сенин томуктай башың жутпайбы?
Жедигер тартсаң эл кылып,
Кутурган канкор албайбы?
Кулжуңдатып бир күнү
Сени курмандыкка чалбайбы?
Байыркы жини кармаса,
Байлап алып өзүңдү
Чукутуп эки көзүңдү
Көк торпоктой үйрөтүп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарбайбы?
Сураса бербес малыңа
Атаңдын көрү, ой Кыяз!
Зулпукор тиет жаныңа,
Толкуп кетип ал канкор
Тобуңду топот кылбайбы?
Токтотпой журтуң кырбайбы?
Айлыңды апат кылбайбы?
Сенин айдап журтуң кырбайбы?
Атаңдын көрү, Эр Кыяз!
Арысланбы деп ишенсем
Айбан Кыяз экенсиң,
Жети-Суудан дүркүрөп,
Жетик кыйла кол келдиң,
Урушканга кеп кылдың,
Убаданы бек кылдың,
Убадаңдан айрылып,
Калган Кыяз экенсиң,
Өз ишиңди унутуп,
Калган Кыяз экенсиң,
Баатыр сендей болобу?
Сени баатыр дегендин
Эгерде эки болобу?
Манастын уулу канкордон,
Коркпой-үркпөй туруп бер,
Ашкере антың кылып бер,
Эсебин өзүм табамын,
Эрикпей жинин кагамын,
Тобуна топот саламын,
Токтобой башын чабамын.
Жылгыңду, Кең-Кол, кең Талас
Кан-Жайлак менен жер эле
Манастын уулу Семетей
Мени менен ээ эле,
Мен кеткенде бел кетти,
Кара жолтой ал канкор
Касиети тең кетти.
Ар качандан, бир качан
Ак кызматка көнбөдү,
Алмамбеттин уулу эле
Күлчорочо көрбөдү,
Көкборчугум жоорутту
Көңүлүмдү оорутту,
Бир кылбады үч кылды,
Аякысын күч кылды.
Сенин Чынкожо, Толтой эки агаң
Кең-Ополдун бетинде,
Чоң-Үргөнчтүн чегинде,
Аккан суунун боюнда
Акийнектин оюнда
Ат салышып уруштук,
Былчылдашып туруштук,
Калча Төлөк кан өлүп,
Кайран менин өзүмдөн
Кармаштан мынча жан өлүп,
Туу карматып койгонбуз
Ак селдечен кожого
Агаң Толтой Суркоён
Олжого түшүп ошондо
Кол чогулса бош-боштоп,
Онжондотуп Сур атты

www.bizdin.kg



Алып келген бош коштоп,
Тизе жерге бүгүлүп,
Канчоро менен Күлчоро
Соогат сурап жүгүрүп,
Жакын жетип калганда
Күлчородон мен Чоро
Мурда жетип алганда
Каарын салып зыргытты
Окоро түйгөн ак чылбыр
Оңурайган зор канкор
Күлчорого ыргытты.
Чородой мени көрбөйт деп
Күйдүм жаным чок болуп,
Ичим бышып от болуп,
Арысландай көз жайнадым
Артык кандай кайран жан
Жан таттуу өлбөй калгамын.
Ардыккандан мен Чоро
Өлөйүн деп өлө албай
Өз жаным өзүм кыя албай,
Калк ашканга бел таппай,
Айыл конуп өзүңдөй
Сырдаш болор эр таппай,
Көөдөктүн көөдөк экенин
Көптөн бери билгемин,
Көкжал Кыяз өзүңө
Кезиге албай жүргөмүн,
Бир көңүлүм бул калган,
Дагы бир көңүл калганы –
Жетип алдык Ооганды,
Биздин колдо тийбеген
Жети-Кайт кайдан соо калды?
Ооганды чаап дилде алып,
Кара көздөн миңди алып,
Кайра бери тартканда
Берен сөзгө көнгөн жок,
Ал Оогандын кандыгын
Ала көөдөн зор канкор
Сурасам мага берген жок,
Көөдөктүгүн билгизди
Көмүр өчүрүп көө болгон,
Көп токойго ээ болгон,
Багар жандар аз болгон,
Былжыраган таз болгон,
Таамай укпай сөзүмдү,
Тазча көрбөй өзүмдү,
Сарыканга мингизген
Бир көңүлүм чын калган.
Бээжин журтун кырганда
Коңурбай менен Эзкара
Экөөнү кармап турганда
Куйругу саяң, жалы аз
Кулан көрсө куткарбас
Кутурган калча Кара атын
Олжо кылып турганда,
Деген сөзгө көнгөн жок,
Казатка минип жүрүүгө
Дагы мага берген жок,
Чөгүп калган абышка
Бакайынча көргөн жок,
Жана көөнүм үч калды
– Ушу кийинкисин күч калды,
Быштым, жандым, күйүндүм,
Мында бир жол түңүлдүм.
Өлөмүн деп өлө албай,
Өз жаным өзүм кыя албай,
Айтсам далай кебим бар,
Көңүл калган жерим бар,
Үч таарынчы кегим бар,
Айтып берчү кебим бар.
Ал кегимди албасам
Манастын уулу көкжалды
Узунунан салбасам
Туулбай туна чөгөйүн,
Ажалдан мурун өлөйүн,
Тирүү жүрбөй дүйнөдөн
Кыямат жүзүн көрөмүн,
Ардыгыман өлөмүн,

www.bizdin.kg



Тынбай алты ай урушуп,
А дүйнө жүзүн көрөмүн.
Арланса жигит өлбөйбү?
Ар ким күнүн көрбөйбү?
Койчу, баатыр эр Кыяз,
Канкордун сыры менде бар
Эми алты күн урушсак
Кыямат жүзүн көрүүчү
Кысталак канкор өлүүчү,
Жапаны жаман салалы
Калтырбай кекти алалы
Атаңдын көрү эр Кыяз,
Эр экен десем жер Кыяз,
Көңүлүм жаман калтырып,
Көп капа кылдың сен Кыяз,
Манастын уулу канкордун
Канга тойбос анткордун
Секиге тиккен багы жок,
Серпише турган чагы жок,
Таласка курган багы жок,
Талтаңдап турган чагы жок,
Урушка мыкты заты жок,
Астында Буурул аты жок,
Балбандыгы, шердиги
Ааламды бузган эрлиги
А болбосо санда жок,
Караан кылып отурган
Үзүлгөнүн улачу,
Чачылганын жыйначу,
Өчкөн отун тамызчу,
Өлүүчү жанын тиргизчү,
Эр Канчоро дагы жок,
Эренинин баары жок.
Акылынан шашкан кез,
Арбаңдаган эр канкор
Чилтен  качкан боюнан,
Убада кетип сөзүнөн,
Касиет качып өзүнөн,
Боростой киши болгон кез.
Күркүрөгөн канкордун
Күрсүлдөй турган чагы жок,
Сырын өзүм билемин,
Сыртынан өзүм тиемин,
Айласын өзүм табамын,
Акылын өзүм кыламын,
Буурул ат болсо астында
Беттеп адам барабы?
Беттешкен тирүү калабы
Каары толук канкордун
Канатынан кайрылып,
Буурул аттан айрылып,
Бели сынып бекчейип,
Жайнап көзү чекчейип,
Арбуурулдан бөлөк ат
Асты шерди көтөрбөйт.
Уруучу Кудай уруучу,
Жана алты күн урушсак
Коржолоңдоп барбактап,
Керээзин айтып туруучу,
Эрендин жайы ушундай.
Түгөл каптап калалы,
Түбүнөн кыргын салалы,
Калтырбай канын соёлу,
Кылча койбой көкжалды
Тындым кыла коёлу.
Буласын булап алалы,
Бузукту мурда салалы,
Адырда жылкы алты сан
Такыр айдап тиели,
Талкалаша кирели,
Семетей жайы ушундай.
Сексен жел айтсам болбойсуң,
Минтсең Кыяз оңбойсуң,
Арамың болсо чыныңды айт,
Азыр сени сүрөмүн.
Кошулушсам канкорго
Кордукту койдой көрөсүң,
Койшоңдосоң жөнү жок

www.bizdin.kg



Кокуй, Кыяз, өлөсүң,
Каарым келип какайсам
Калтырбаймын баарыңды,
Кыргын кылам карыңды
Ата кыйынсынган жедигер,
Аскер жыйып кол алып,
Кун кубалай келдиңер,
Ара жерге былчылдап,
Акыл ойлоп алдыңар,
Эрен да сендей болобу?
Эпсиз Кыяз экенсиң
Эрен деп айтса оңобу?
Уруш кылган азамат
Тобокелге көнбөйбү?
Тагдыр жеткен окко учуп,
Эчен адам өлбөйбү?
Бардыкерди ойлонуп,
Жедигердин эр Кыяз
Жакшы болгон экенсиң,
Түйшүктүү жерден түш көрүп,
Түгөнгөн Кыяз чоң төрө
Бакшы болгон экенсиң,
Калың кара жедигер
Калың Кыяз баш болуп
Кайшаңдасаңар өлдүңөр
Эр экенсиң эр Кыяз
Эрен болсоң көк болгун,
Топон суу толкуп акса да,
Душман курчап жатса да,
Убадага бек болгун.
Улукмандуу, шер болгун.
Уруштан кайра түк тартпай
Кан ичме мыктуу эр болгун.
Кокуй, Кыяз, оңбой кал!
Көп айтсам укпай сөзүмдү,
Көп акмак кылдың өзүмдү
Кең-Колго, Талас тең беле,
Маанилүү кан Канчоро
Семетейден кем беле,
Коркуп чороң турганда
Бул коркконуң жөн беле.
Качпай шашпай эр Кыяз
Кагышты катуу салалы,
Мал менен булуң олжолоп,
Канкордукту алалы.
Атаңдын көрү, жедигер,
Кайра тартсаң көрдүңөр,
Каарланып какайып,
Чамынсам бирди көрдүңөр,
Тыйпыл кыйрап жедигер
Кыймылдасам көрдүңөр!» –
Деп, ошонтип, Канчоро
Жай-жарагын шайланып,
Жалантып кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Ширендидей дыркырап,
Алапайын таба албай
Калың кара жедигер
Аң-таң калып чуркурап.
Элүү башы, жүз башы
Он жүзүнө бир жакшы
Журтту иретке салдырып,
Барабанын тарттырып,
Башкача болду эр Кыяз.
Нарга ок-дары арттырып,
Кейип-кепчип калышып,
Кетейин дейт кайран журт
Көбү канкор Канчоро
Мындан коркуп алышып,
Былкылдашып сүйлөшүп,
Шыбыраша калышып,
Аябаган бир үлкөн
Чуулу кептен салышып:
«Мүшкүл, тозок, балааны
Көргөнү келген экенбиз,
Бир азап тартып кайран жан
Өлгөнү келген экенбиз.

www.bizdin.kg



Калың кара жедигер
Жыйылып калар бекенбиз?
Төрөдөн корксок Чородон
Кырылып калат экенбиз.
Канкорду чапсак кыргыздан
Бөлүм алар бекенбиз?
Канынан корксок кулунан
Кадимки Чубак уулунан
Өлүп алар бекенбиз?
Тобокелге салалы
Толкуйт экен күркүрөп,
Ушу Канчоро тилин алалы,
Кыйкырып согуш салалы!
Кыргын тийген немедей
Кыйрап жатып калалы» –
Деп, ошентип, жедигер
Кан Канчоро айткан соң
Кайра тартып жүрдү эми
Беги буйрук кылган соң
Бейпайлашпай кетели.
Азыр өлчү шерт кылып,
Айзанын башы кагышып,
Адамдын башы чабышып,
Кызарып айза кылкылдап,
Жоо-жарактын баарысы
Асман тиреп былкылдап,
Камыштай каптап, эл болуп,
Каптап кетчү сел болуп,
Кылкылдаган эл болуп
Кыйла адам каптап, сел болуп,
Жер бузулуп, тоо көчүп,
Жедигер жүрдү минетип,
Белгилүүлөр бетинде
Берен Кыяз, Канчоро
Жедигердин артында.
Айдап алып артынан
Канчоронун дартынан
Зордук менен кол болуп,
Жер көрүнбөй, мол болуп,
Жер жүзүндө чөп болуп,
Кумурскадан көп болуп,
Курчоо салды жедигер.
Айкасаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Алаңгир жарган сыр жебе
Айтса жаңжал аңгеме
Чубак уулу Канчоро
Чуулган салган ал болуп,
Кыйла таз кызык кеби бар
Жедигердин мыктуусу
Кыйын Кыяз шери бар,
Калың кара жедигер
Катуу кейип буркурап,
Кадырбай менен Төлөбай
Акылман экөө өлдү деп,
Артык кейип чуркурап,
Кээде тура калышып,
Керээзин айта салышып,
Дүргүп тура калышып,
Арманын айта салышып,
Бир-бирлерин экөөлөп,
Карааның бизге пайда деп,
Акылсызын капырай,
Акылманы жетелеп.
Жазайылдуу чуу болуп,
Аскер кайнап дуу болуп,
Үч-Кошойдун оюна,
Чоң Кең-Колдун боюна,
Кара-Колдун үстүнө,
Түгөнгөн тоонун урчукка
Кан Манастын коргончо
Канкор Семетей жаткан тумшукка
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жайнап чыгып келди эле.
Курчап каптап жедигер
Кайнап каптап келди эле.
Жедигер душман экенин
Эр Күлчоро көрдү эле.

www.bizdin.kg



Каарланып сабылып,
Артору баспай турганда
Каралды кылган канкорго
Күлчоро кирди жалынып:
«Кагылайын абаке!
Күмүш көздүү, күн жүздүү,
Күркүрөгөн султаным,
Алтын көздүү, ай жүздүү
Айланайын абакем!
Тууганың болду душманың,
Ичиңде мынча бушманың,
Казылуу жаткан орлоруң,
Кайнатылуу шорлоруң,
Ушу быйыл шер абам,
Жоголо турган болжолуң!
Кармап минер буудан жок
Кара кылган Канчоро
Бооруңузга салды чок,
Бизге момундан бөлөк душман жок.
Өзөндөн күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыккан жоо жаман,
Теңге албаган кыр жаман,
Сыр тартышып, сыр билген
Бул Канчоро ит жаман.
Айткан сөз ушул билиңиз
Ата, көкжал кабылан
Кагышка минчү мал эле
Суркоёнду миниңиз.
Суркоёнду минбесең
Беренім белиң курчанып,
Бекинип жоого тийбесең,
Калың кара жедигер
Каптап кирген душманды
Жети-Өзөн көздөй сүрбөсөң,
Атышты арбын салбасаң,
Калкыңызды караандан
Ажыратып албасаң,
Бурулуп минер буудан жок
Каралды кылган Канчоро
Жанындагы тууган жок,
Баатырлыкты, шерликти
Көкжал абам салыңыз,
Көп мүшкүлдүү калкымды
Ажыратып алыңыз!
Кыргынды кыйын салыңыз
Кызырлуу абам кабылан
Күлчоро тилин алыңыз!
Ай, абаке, кабылан!
Энекем миң сан кеп айткан,
Бул Канчоро жакырды,
Үйүң күйгөн капырды,
Душман болор деп айткан.
Энекем айткан чын экен.
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Кошуун жыйнап, кол салып,
Кордукту жаман мол салып,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүрдөн бетер ок атып,
Жаңжалды бизге коёт дейт,
Жаалла деп салышып,
Жалпы кыргыз уулу элек
Жаман кыргын болот дейт.
Баштыгы Чоро ал болуп,
Ат тушардан кан болуп,
Айкайлашып турушсак
Кылча болбой кайран жан
Кырылышып урушсак,
Канкор атың калды деп,
Калайык шылдың кылбасын,
Кагылайын абаке,
Бизди ушинтип Кудай урбасын!
Кош бадана торгой көз
Калыңдыгы жарым кез
Кармашка кирсе айза өтпөс
Бадананы кийиңиз,
Аркасы бийик, зээри бас

www.bizdin.kg



Адырга салса оюбас
Суркоёнду миниңиз.
Ким бир тууган, ким душман?
Кокуй күн абам, билиңиз,
Атышты арбын салыңыз,
Баатыр ай аңдыган жоону алыңыз!
Кылча койбой жан кырып
Кызыр чалган шер абам
Кыргын кылып салыңыз,
Тууган десе алдатпай
Канчоро башын алыңыз» –
Деп, ошонтип, Күлчоро
Шай колдогон шер Чоро
Шамдагайы болжолсуз,
Ал Күлчоро эр Чоро
Чечип тонду кийгизип,
Ченебеген көкжалга
Суркоёнду мингизип.
Калың кара жедигер
Каптап чыгып келерде,
Кырман кылып куу жерди
Каптап чыгып келерде,
Улукманын, шерлерин
Ушундай кыйын эрлерин
Каптап чыгып келерде,
Кыраан Чоро кыйды кул
Оолжуган төрөгө
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Ок жетпеген Сур атын
Чап олоңун бек тартып,
Куюшканын кыскартып,
Кулжуңдатып көкжалга
Суркоёнду мингизип,
Берен төрөң алактап,
Сур коёнду мингизсе,
Тайга минген немедей
Буту жерде салактап,
Берендиги ушундай,
Боз бурчактай зоңкоюп,
Боз адырдай доңкоюп,
Болжолу жок кайран шер
Шай-жарагын салынып,
Жалмаңдатып Сур атты
Жоого чыга камынып,
Беделдүү түрү көрүнүп,
Арыслaндай керилип,
Атасынан бабасын
Азыр өлүп кетсе да
Билеги мынча карачы
Бараны тоодой көрүнүп,
Барып турду керүүгө
Басып таптап жедигер
Жекеге чыкчу жерине.
Кош мойноктун керүүгө
Кол козголуп эл жайнап,
Койгулашчу жерине,
Үч-Кошойдун оюна
Көтөрмөнүн боюна
Кош мойноктун керүүгө
Жедигер кыргыз чогулуп,
Койгулашчу жерине.
Белеске чыга барды эле
Берендин жайы ушундай
Олоңдогон Сур аттын
Тартып оозун бурду эле,
Белеске чыгып кыраандар
Белсенишип турду эле,
Жедигер каптап, кол чыкты
Жер бузулуп козголуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Айдап чыкты жедигер
Кум-Кыянын өзөндө
Кайнап чыгып келатат,
Каччу жолун Канчоро
Айдап чыгып келатат.
Белгилүүсү бетинде
Барысынын мыктуусу
Берени Кыяз артында

www.bizdin.kg



Тоодой тору ат минип,
Тору атынын куйругун
Тогуз бөлүп, чарт түйүп,
Жергеси өскөн жан болуп,
Жедигерге кан болуп,
Уругу өскөн жан болуп,
Жедигер уулу Кыяздын
Казандай кара бөркү бар,
Ай-ааламдын барысын
Буй кылуучу эрки бар,
Эрени көп, калкы көп
Эл алдына эр Кыяз
Ай-ааламды буй кылган
Атаңдын көрү, алпы бар,
Абайдан мынча каркыбар,
Көп-көк болуп куралып,
Көздөгөн экен калкы бар
Кыяздын жайы ушундай.
Бүчүлүгү бир тогуз
Бүчүлүгүн жайланып,
Топчулугу бир тогуз
Топчулугун байланып,
Казыр бороон болчудай
Каары бетине айланып,
Кырдын кызарып ташы бөлүнүп,
Асмандан кумсарып булут бөлүнүп,
Кол артында Канчоро
Душмандыгы көрүнүп,
Канчаны көргөн арстан шер
Зыңгырап турат кенебей,
Каптап кетчү сан колду
Бу көкжалдын иши ушул
Бучкагына теңебей,
Жоо кимсиң деп ойлобой?
Тегеректи карабай
Теги жоо каптап кетет деп,
Батегинче санабай
Кайран шер карап турду эле.
Кабагым-кашым деген жок
Чымырканса жедигер
Чымын курлуу теңебей
Сур ат менен барбайып,
Боз урчук тоодой дардайып,
Болжолу жок шер көкжал
Кылыч колдо кыңгырап,
Арысландай чамынып,
Алдасына жалынып,
Чынар сындуу көрүнүп,
Чындап төрөң кабылан
Чын жаралган олуяң
Сарала башыл көк койдон
Сары башыл ирик тууган
Жоого көркөм болсун деп,
Туулганда канкорду
Таманы менен тик тууган.
Таалайы артык, өзү шер
Опол-Тоодой курган эр.
Колжондотуп Сур атын
Кутбага оозун бурду эле,
Курган төрөң турду эле.
Эки жакты карасаң
Эл аманын кааласаң
Жебелүү болот, сыр айза
Жетик шердин айзасы
Бөлөкчө болуп көрүнүп.
Канкор шердин айласы
Кашатта тоодой турду эле.
Тоотору менен булкунтуп
Жоо кайдалап эр Кыяз
Эр өлгөндөй жулкунтуп,
Белеске чыга келгенде
Белгисин көрдү канкордун
Колдогону бир тогуз
Колдоп турат камынып,
Кырк айзалуу кырк киши
Тушунда турат жабылып,
Оңтойлонуп сур жолборс,
Ойлосо мындай жан болбос,

www.bizdin.kg



Көңүлү кетип бөлүнүп,
Ар сыягы канкордун
Ажыдаардай көрүнүп,
Мурутунун бир кылы
Майлуу балта сабы окшоп,
Мурунунун чоңдугу
Селебенин кабындай.
Оозунан чыккан дем
Өрт күйүп жаткан жалындай,
Кашка тиштин курчтугу
Букардын бычак шабындай,
Эки көздөн күйгөн өрт
Шырылдап күйгөн жалындай,
Тулпар оозун бура албай
Беделин көрүп белсенип,
Бери тийген немедей
Беттешүүдөн эси чыгып,
Берен Кыяз теңселип:
«Кыймылдаса адамды
Кыргын кылып кетер деп,
Адам алы жетпеген,
Арыслан тиши өтпөгөн,
Аалам көрүп күйүнгөн,
Кылым эл жандан түңүлүп.
Кыйын экен, шер да экен» –
Деп ошентип берениң
Жедигердин эр Кыяз
Эң болжолун көргөндө
Чын аябай күйүндү
Чылгый ичин өрт чалып,
Чыдай албай Кыяздын
Чымындай жаны бүлүндү.
Каарланган канкор шер
Карасаң тоодой көрүндү,
Беттеп айза сая албай
Беренге даап бара албай
Жедигердин Кыязы
Көңүлү көп-көп бөлүндү
Көк аскардай көрүндү,
Ысыгына бата алба,
Суугуна жата албай,
Айкырып айза сая албай,
Бир беттешип бара албай,
Жедигердин эр Кыяз,
Жерге кирсин ал Кыяз,
Ашып-шашып антаңдап,
Акылдан качып шашты эле
Айланайын курдаш ай,
Акыл кандай болот деп,
Канчоро көздөй качты эле:
«Бедели бөлөк көкжалды
Бет алып адам баргысыз,
Менде беттеп сайгысыз,
Берен да экен, шер да экен,
Белгилүү көкжал эр да экен,
Алсыз кылып адамды
Алда таала кудурет
Не үчүн пендем деди экен?
Баатыр да экен, кан да экен,
Шер кайраты бар экен,
Серпилбеген кара көк
Эрдиги мынча бар экен.
Сыр айзаны сен алсаң
Айланайын жан курдаш
Билгениңдей сен сайсаң,
Беделин көрүп берендин
Борумунан жан чыкты,
Билегим кетти сабынан,
Жүрөгүм кетти кабынан,
Муунум кетти былкылдап,
Дене боюм чыйкылдап,
Он эки мүчө сексен сөөк
Такыр кетти зырпылдап,
Жолобоймун сайбаймын
Жоругу бөлөк канкордун
Жобосуна калбаймын.
Керишпеймин сайбаймын
Кенен султан көкжалдын

www.bizdin.kg



Каарына калбаймын.
Жекеге чыгып өлбөймүн,
Кайра тартпас мүшкүл жай
Тил албай туруп көрбөймүн,
Болоттон айза колго алсаң,
Айланайын жан курдаш
Көргөнүңдөй сен сайсаң,
Эбин тапсаң канкордун
Дегенине көнөйүн,
Жети-Өзөн толгон жедигер
Кандыгын сизге берейин,
Калкыма кабар салайын,
Былкылдатпай өзүңдү
Ошончо элдин баарына
Кан көтөрүп алайын.
Дегениңе көнөйүн
Убалың сообуң болобу?
Эки тизгин, бир чылбыр
Эми сизге берейин,
Сайгын деген канкордун
Саат баскан анткордун
Асты жагын карасам
Кабыландын түрү бар,
Артын сала бергенде
Жыландай чаар түрү бар,
Беттеп адам барабы?
Бет алган тирүү калабы?
Аркасында айкырып,
Алтымыш эрдин сүрү бар,
Абайла, чыкпайт мындай жан
Кандыгын алсаң өзүң ал,
Эр Семетей көкжалды
Айланайын жан курдаш,
Билгениндей өзүң сай!
Бакай баштап сан киши
Маңдайынан жоо болуп,
Бастырып кайра салыптыр
Канча баатыр жоо болуп,
Айзаларын арбайтып,
Айбалтасын калжайтып,
Көсөө куйрук көк даңгыт
Арт жактан сүрөөн салыптыр.
Бул эмине болучу?
Бул белги кандай жоручу?
Кылыгын көрүп болдум таң,
Кылымда болбойт мындай жан.
Ажарын көрүп болдум таң,
Адамдан чыкпайт мындай жан.
Беделин көрдүм күч чыгып,
Эки беттин ортосу
Азыр союп ийчүдөй,
Беш байпактык түк чыгып.
Каалгадай кашка тиш
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып алыптыр,
Мустайып көкжал туруптур,
Тиштенгенде кашка тиш
Буудайдай болуп сыныптыр.
Чамынганы жолборстой
Чапканы аман болбостой
Жалгыз адам баргысыз
Жабыла көп кол кирбесе,
Кезиккен тирүү калгысыз,
Каарын салып бакырса,
Калайман салып күткүдөй,
Калтылдаган кара жер
Калыңынан түткүдөй.
Тоо бузулуп, таш кулап,
Жан кутказбас селди көр,
Селче түрү күрүлдөйт,
Семетей өңдүү эрди көр!» –
Деп, ошентип, эр Кыяз
Ашып-шашып антаңдап,
Араң качып барды эле,
Калк ичинде кашайгыр
Жөн эле тилден калды эле.
Мына ошондо Канчоро:
«Жер жайнаган жедигер

www.bizdin.kg



Эл экен деп ишенем,
Жерге кирген эр Кыяз,
Шер экен деп ишенем.
Баатыр сендей болобу?
Сен өңдөнгөн качкынды
Баатыр деп айткан оңобу?
Эрен сендей болобу?
Эр деген киши оңобу?
Кыйыныңар, каныңар
Кыргын тийип кеткендей
Кырылгыла баарыңар,
Кыжылдаган жедигер
Жети-Өзөндө каныңар
Айдап жүрүп кем байлап,
Кырбасам такыр барыңды
Ойноп койсо жедигер
Опсуз кептен саласың
Эр кордук деп жаттайсың
Кармашчу жообуз Семетей
Канкорду неге мактайсың?
Кечке койсом жайыңа
Кежилдеп бокту жейсиңер,
Сыягы суук, заары күч
Балбан экен дейсиңер,
Ак сакалдуу карың өл,
Калбай журтум барың өл!
Кыйыныңар, шериңер,
Айза сунуп айкырып,
Кымбат шерге жеткиле
Кылча калбай жалгызың
Кыргын болуп кеткиле,
Айкырып айза салгыла,
Кылча калбай жалгызың
Кыргын болуп калгыла» –
Деп, ошентип, Канчоро
Камандай көзү жайнады,
Кайран Чоро берендин
Кан ичмеси кармады,
Кара жаак айбалта
Каарланып кашайып,
Кармап калып имерди,
Калбай кыргын болгун деп,
Калың журтту Канчоро,
Карсылдатып жиберди,
Түпөктү болот сыр айза
Шайлап кирди Канчоро,
Түпүлдөтүп токмоктоп,
Айдап кирди Канчоро.
Кылыкты кызык баштады
Кыжылдаган жедигер
Кыйыгына тийгенин
Кырып ие таштады.
Канчоро каарын салганда.
Акылынан антандап,
Шашып берген көп болду,
Акебай, кулдук кылдык деп,
Асыл жандан түңүлүп,
Качып берген көп болду.
Белестен бейлеп өтө албай
Коргологон мындан көп.
Тил алам деп жалынып,
Коргологон мындан көп,
Айзачанга айкырып,
Кылыччаны бакырып,
Кыйындарды токмоктоп,
Кырылыш деп сапырып,
Жаш күнүнөн көнгөн кул
Жанакы султан Семетей
Далай таалим үлгү алып,
Баш күнүнөн көнгөн кул,
Эртели-кеч эки убак
Жедигер коркуп жатканы,
Мылтык атып, жаа тартып,
Жедигер чогуу каптады.
Жолду Чоро баштады
Жолу болгон жедигер
Жандан кечип таштады,
Үркүп чуулап бөлүнду

www.bizdin.kg



Мылтык сунуп, жаа тартып,
Былчылдашып жедигер
Урушчудай көрүндү.
Ээр белдей белести
Туш-тушту ачып жол салып,
Калың кара жедигер
Канкор шерге кол салды.
Жедигер чуулап ок атып,
Жез барабан куу чалып,
Жедигердин ичинде
Баатыр Кыяз ыктуусу
Эр Канчоро чоң көкжал
Эсеби жок мыктуусу
Салышка шайдоот эрени
Шымдагайы болжолсуз
Шакылдаган берени.
Беттеп чокмор урчусу
Канга, шерге кол салып,
Качпай кирип турчусу.
Жазбай аткан мергени,
Жаа тартуучу эрени,
Чоюнбаш алган балбаны,
Теңиз султан көкжалды
Адам тегеректеп калганы,
Таалайга бүткөн эрени
Жедигер каптап кетерде,
Түбүнө түптүз жетерде,
Эр Күлчоро берени
Тегерегин карабай,
Теги жанып аябай
Көкжалдыгы көрүнө
Көй кашканын өзү экен,
Кан ичмеси бек кармап,
Кыраанын келген кези экен.
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөрүн чоро санабай,
Жетиктен белин курчанып,
Жер жайнаган жедигер
Жеке аралап кол салып,
Айза кыйрап дуу болуп,
Айкайы арбын чуу болуп,
Артык согуш болду эле.
Каарын төгүп бакырып,
Канкордугу ушундай.
«Манастап» ураан чакырып,
Жер жайнаган жедигер
Жетик балбан Күлчоро
Айкөл кандын үстүнөн
Айдап чыкты сапырып.
Журт чуркурап эр өлүп,
Эрендер эчен тең өлүп,
Баатырдан өлүп, шер өлүп,
Байкасаң мынча эр өлүп,
Айбаттанып айкырып,
Каптап кетчү жедигер
Камбыл тууган эр көкжал
Кайра айдады сапырып,
Урушкун деп Канчоро
Уялбай турган бети жок,
Ач жолборстой күүлөнүп,
Айбаттанып айкырып,
Жедигерге сүйлөнүп,
Балалыгы башынан
Озуп жүрөт Канчоро
Ойпу-тойпу түшүрүп,
Тозуп жүрөт Канчоро
Каарын салып күркүрөп,
Камап жүрөт Канчоро.
Жедигерди кыйратып,
Сабап жүрөт Канчоро.
Баатырлыкты баштаптыр
Качсак-турсак өлдүк деп,
Кутуруп кеткен Канчоро
Канчородон өлдүк – деп,
Эрен да экен, шер да экен,
Жан койбойт ко Канчоро.
Эл дүрбөбөй токтолуп,
Эстен танып кээ бир жан.

www.bizdin.kg



Бирөөн бирөө качпалап,
Жыйып чыгып баратат.
Жылас болгон Күлчоро
Жедигер элди талкалап,
Кырып чыгып баратат,
Калың кара жедигер
Кайнап алган кези экен,
Ылаачын тийген таандай
Эр Күлчоро кыраанын
Айдап алган кези экен,
Ар кайсысын топтотуп,
Жайлап алган кези экен,
Жедигердин кээ бир жан
Акылынан ажырап,
Шашып калган кези экен.
Акетай кулдук кылдык деп,
Асты каарлуу чородон
Качып калган кези экен,
Жедигер чуулап, чуу туруп,
Шашып калган кези экен,
Айласын таппай жедигер
Ат соорусун салышып,
Айкөлгө беттеп бара албай
Бириндешип калышып,
Качып калган кези экен.
Берен экен Күлчоро
Каарын төгүп бакырып,
Калың кара жедигер
Тозуп чыкты сапырып,
Тоодой көкжал баатырга
Жетип келди ал Күлчоро,
Шай колдогон шериңиз
Шамдагайы болжолсуз,
Белгилүү көкжал эриңиз,
Эр Семетей баатырга
Эми жетти Күлчоро.
Ошондо Чоро муну айтат:
«Алдыма салсам ак жолум,
Асыл абам сан колум!
Кара зоңкок тоодоюм,
Карааным аман турганда
Кылымда кылбайм убайым!
Берекелүү белимсиң,
Белгилүү Айкөл шеримсиң,
Огойдон чыккан он төрт ат
Опсузун тандап минемин,
Айгайлаган чуу кылып,
Жер-жерин көздөй сүрөмүн,
Кетсе чама өлөмүн.
Жедигердин эр Кыяз
Жеке урушуп көрөмүн.
Аколпок тонуп кийиңиз,
Абакем көкжал кабылан
Суркоёнду миниңиз,
Тулпар оозун буруңуз,
Тууган душман болгон соң
Туруп берген болорбу?
Уруш кыла туруңуз
Көк аскер тоодой барбайып,
Туруп алсаң бул жерге
Төрөм, уят болот мунуңуз.
Кайкалаган каракыр
Биз ашпаган тоо барбы?
Канкор аба, эр султан,
Кагышпай жүргөн тоо барбы?
Карааның аман турганда
Акборчук каалап минейин
Калың кара жедигер
Жер-жерин көздөй тиейин,
Кылмыштуусун жайлайын
Кылмышы жок момунун
Жер-жерине айдайын,
Кыйыгы тийип кабылса,
Кызыталак Канчоро
Эбин таап жайлайын.
Кыйрына кыргын салайын,
Түп-түз болуп кеткинче
Абаке, бир түгөнүшүп калайын!

www.bizdin.kg



Канына карап салайын
Кайран башым өлгөнчө,
Абаке, сени бергенче,
Кармалашып калайын.
Өлбөй тирүү жүргөндө
Кай муразга жетемин.
Касташарым Эр Кыяз
Кармалаша кетемин.
Бегине бейпай салайын,
Канын карап кылайын,
Өзү тийди жедигер
Быйыл өңгөчө кыргын салайын.
Өкүмсүгөн шерлерин
Айласы толук эрлерин,
Кайрадан кырып коёюн.
Катылышты Жедигер
Өз убалы өзүнө
Эңкейиштей кетейин,
Түбүнө түптүз жетейин,
Дүмүрүн чогуу казайын,
Түгөтүп чырын басайын,
Калысмандуу кандарын.
Калтырбай кырып жандарын,
Керишем деп муну айтып,
Кебелбеген шер Чоро,
Эр кайраттуу эр Чоро,
Абыкенин акборчук,
Астында тулпар малы бар,
Ай-ааламдын барысын
Жара турган алы бар.
Ок өтпөс тонду кийинип,
Жазайылды салынып,
Жалаңдап жоого камынып,
Кыны жок кылыч байланып,
Ар шайманды шайланып,
Алуучудай таптанып,
Ал Күлчоро аттанып,
Шер экенин билгизип,
Айкөл шердин өзүнө
Суркоёнду мингизип,
Соокмолуу тууган кайран шер
Эми согушка кирди курган эл.
Минген аты Суркоён
Кийген тону Аколпок
Аккелтени асынып.
Ак аскардай көрүнүп,
Аны көргөн жедигер
Акылы айран бөлүнүп,
Жайдактаган бу кургур
Жалаңгыч түрү көрүнүп,
Каалгадай кашка тиш
Түк адамдан башка тиш
Түгөтө тиштеп жемирип,
Канкор жайы ушундай.
Жетиктеп белин курчанып,
Жедигерге кол салып,
Орто жерин Семетей
Айдап келип сүрдү эле,
Эки четин эр Чоро
Кемирейте тийди эле.
Калың кара жедигер
Жедигердин жакшысы
Айзакерден эрени,
Акылы толук, заары күч,
Жедигердин эр Кыяз
Кол баштаган берени,
Жедигерди баштады.
Жер жайнаган жедигер
Кылча калбай түз эле
Кырылып кете таштады,
Каарланып камынып,
Калың кара жедигер
Качуучудай жабылып,
Эр Семетей көкжалдын
Ысыгына бата албай,
Суугуна жата албай,
Беттеп айза суна албай,
Урушту бекем кыла албай,

www.bizdin.kg



Уйгу-туйгу журт чуулап,
Жедигер алды тозулуп,
Жер дүңгүрөп турду эле,
Алдындагы Суркоён
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Айран кирди урушка
Асынганда шүк эле
Айдалынын бараны,
Айкашкан жоого сунганда
Аманат жандын караны,
Жандуу мылтык Аккелте
От алышты коюптур,
Беттеп жоого атканда
Түк атылбас болуптур.
Кытай оттук боор таш
Кырып ийип, чок коюп,
Милтесине от коюп,
Сундурса болбойт Аккелте
От албай келте тургааны
Өлөр чак эми болду деп,
Канкорду Кудай урганы.
Каарын салып күйүнүп,
Капаланып шер көкжал,
Кайран жандан түңүлүп,
Сунса түтүн чаң кеткен,
Дүп дегенде жан кеткен,
Ирмесе кара кан кеткен,
Ырасы курчтан Алмабаш
Ыраак жоого ылгабас
Жандуу мылтык Аккелте,
Беренеси качыптыр
Белин кырсык басыптыр,
Ай караңгы түн экен
Баатырсынган айкөлдүн
Кырсык курчап беренди
Берени качкан кези экен.
Бейпай болду кайран шер
Кыргагы болот сыр айза
Аккелтеден түңүлүп,
Кыйын шер айза сунду эле,
Атасынан бабасы
Арысландыгын карачы,
Айкырган жоодон тартчы эмес,
Канкорлугу ушундай
Качырган жоодон кайтчы эмес,
Кыязга айза сунду эле.
Кырааңга чыга барганда
Астындагы Суркоён
Атты Кудай урду эле,
Өөдө тартса Суркоён
Казысын таштап болкулдап,
Ылдый тартса Суркоён
Ич этин тартпай солкулдап,
Мегелчеги мейишип,
Багалчагы майышып,
Билбес болду Суркоён
Канкор шерди көтөрүп,
Адам, жүрбөс болду Суркоён.
Жүрбөй калган себеби –
Чынкожо, Толтой экөөнө
Чын кыргынды салганда,
Оолжуган каранды
Олжого кармап алганда,
Убара болуп кубалап,
Улуксуган кайран шер
Ал Суркоён тулпардын
Кулагын кесип алыптыр,
Ойлосоңор огойдун
Оюк энин салыптыр.
Кулагым кесип салды деп,
Айбандан эстүү Суркоён
Көкжалсынган беренден
Көңүлү иттей калыптыр.
Баягы кегин кубалап,
Көк ичинде Суркоён
Союлгур жүрбөй калыптыр.
Асыл тууган курган шер

www.bizdin.kg



Зың-зың этип кенебей,
Азыр өлүп кетерин
Бучкагына теңебей,
Суркоёндон эр көкжал
Ыргып түшө калды эле.
Баспасаң чырың мындай – деп,
Кулагы менен көкүлүн
Кошо кармай калды эле.
Козголбостон кайран шер
Атакем Манас жолу – деп,
Ал Суркоён тулпарды
Коркуратып чалды эле.
Жыкпай туруп жылмайгыр
Башын кесип алды эле.
Ат көтөрбөй дөө болуп,
Арбуурулдан айрылып,
Ал аскардай кайран шер
Алапайын түк таппай
Кол үстүндө жөө болуп,
Барбайып баатыр турду эле,
Болкулдап басып аянып,
Баатырың Аккелтесин таянып,
Аласа жакын келди деп,
Арыслан-шер күйүнүп.
Аманат жандан түңүлүп,
Канча жоо чапса кол курап,
Алапайын таба албай
Айкөлүң турду коңгурап.
Акыл кетип, көөн басып,
Ар эрдик бойдон бек качып,
Ата, антаңдаган кайран шер
Акылынан бек шашып,
Айры белес, кайкаңга
Айкөлүң арбайып жөө калды эле.
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлөк ок атып,
Эр Канчоро, зор Кыяз
Эренге мүшкүл салды эле.
Курттай кайнап жедигер
Теңиз тууган көкжалды
Эми тегеректеп алды эле,
Курчап келген калың жоо
Курусун төрөң баатыр го
Баатырдын баатырлыгы билинип,
Ашпай-шашпай арсылан
Уйкуга көзү илинип,
Зың-зың этип кенебей,
Жедигер каптап кетет деп,
Бучкагына теңебей,
Ата, арыслан тууган кабылан
Кургуруң Семетей турду кенебей,
Буга эрдик менен шердикти
Эгем-таала кубаттап,
Берген экен ченебей.
Каарланып качырса
Каптап кетет деген жок.
Теги ажалдан кайгы жеген жок,
Чыркыраган жедигер
Муну чымын сындуу көргөн жок,
Кабагым-кашым дебестен,
Эр Кыяз менен Канчоро
Чымчык сындуу көрбөстөн,
Акканкыны жазданып,
Чоң тердикти баштанып,
Көкжал кыбыланы баштанып,
Ач болотту салынып,
Аколпокту жамынып,
Короздой болгон кайран шер
Коңурукту тартты эле.
Козголбостон кайран эр
Алмамбет уулу Күлчоро,
Шай колдогон шер Чоро,
Жедигер далай, бул жалгыз
Жеке урушуп эр Чоро
Жазаны тартып турушуп,
Жапааны көргөн курган шер
Жалгыз жүрөт урушуп,
Көп ичинде баатырдын

www.bizdin.kg



Көкжал антип калганга
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Агарып өңү суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Чиркин, акырек ылдый куюлуп.
Каарланып бөлүнүп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый төгүлүп,
Шай колдогон Күлчоро
Семетейге барды эле.
«Күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн шер султан
Казат жакка камынган,
Кайыптан акыл табылган,
Кагылайын эр төрөм,
Айтсам, айтсам, болбодуң!
Айткандын тилин албадың,
Жедигер курчап, жоо болуп,
Жан куйкалап, күч келип,
Калк калкылдап турганда,
Курчап душман толгондо,
Куруп кетсин, эр чиркин
Канчоро душман болгондо
Кайран жанга күч келип,
Мүшкүл башка толгондо,
Өзөктөн чыккан Канчоро
Өз башыңа жоо болуп,
Айтпадым беле мен бая!
Кокуй аба, куу жолтой
Өзөктөн чыккан өрт жаман.
Өздөн чыккан Канчоро
Сырыңды билген бул жаман,
Багып жүрдүң Чороңду
Көргөздүбү көзүңө
Адамдан бөлөк чоголду,
Ырдадыбы ырыңды?
Душманга айтып сырыңды,
Карарттыбы бетиңди?
Ачтыбы жоого четиңди?
Айта берсем болбодуң,
Абакем төрөм, оңбодуң,
Колтук ачып Кыязга
Койгулашып жоо болду
Сырыңды айтат кутургур
Кана, аба, кайран баш кайдан
соо болду!
Куйкаланып ич жалын
Куруп кеттим сында жок,
Куп сыйлашар тууган жок,
Кагышка минер буудан жок,
Каралды болчу Канчоро
Бул өңдөнгөн тууган жок,
Бүгүн көргөн, эртең жок,
Бир күнү бетин көргөзсө
Бир күнү артын көрсөткөн
Ушундай окшойт дүйнө бок!
Кокуй, абам, эр төрөм
Кең-Колдо чынар багың жок,
Керсейип жатар чагың жок,
Таласта короо багың жок,
Талтаңдап жатар чагың жок,
Казмак болдуң орумду,
Жайдырдың темир торумду,
Көргөзмөк болдуң сонунду,
Ээледиң кыргыз калааны
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Бузулттуң мүшкүл санааны.
Кылдың башка кордукту,
Куу жанга салдың зордукту,
Өрттөдүң таза жанымды
Өзүң билип тил албай
Өлтүрмөк болдуң жанымды.
Канчоронун кабарын,
Угуп тур өзүң кабарын
Кабылан Бакай кары айткан,
Белгисин энем дагы айткан.
Бир бала не кылар деп,

www.bizdin.kg



Мойнуна тумар таккансың,
Алдейлеп ырас баккансың,
Жаяны кесип жедирдиң
Калың кыргыз, аргынга
Качан балан дедирдиң?
Тай-кунандай тебишкен,
Тартышып эмчек эмишкен,
Канчоро салды бузукту
Туйгун төрөм, өөдө бол,
Тууганың кылды кызыкты.
Ар качандан, бир качан
Бу Канчоро бузуктун
Буйгаты болгон сөзүндө,
Бузугу жүрчү көзүндө,
Айласын тапсаң айкөл шер
Бул бузганы жүрчү өзүмдү,
Чалгайы жүрчү сөзүндө,
Чалгырты жүрчү көзүндө,
Чамасы келсе кутургур
Чалганы жүрчү өзүңдү,
Биле албай жүрчү дайныңды,
Буза албай жүрчү айлыңды,
Жоботкон жүргөн сөзүңдү
Жоругу бөлөк кутургур,
Мына бүгүн жоготмок болду
көзүңдү,
Баатыр кырмак болду өзүңдү
Кастарын тигип жоо болуп,
Кашайтмак болду көзүңдү.
Бажиги тийсе колуна
Кылычың олжо кылганы,
Кыялы болчу ушундай,
Кыйырына кыргын салганы,
Айласы келсе Канчоро
Аккелте олжо алганы.
Абайлап жүрсөң жоругун
Айлыңа кыргын салганы,
Тел кулун союп жедиби?
Теминише келгенде
Көрдүңбү, тең тууган болдум дедиби?
От кетирди Канчоро
Ок өтпөй турган күбүңө,
Оорукса кыргын салчудай
Канчоро жетти түбүңө.
Май менен баккан бул Чороң
Билдиби көөдөк жайыңды
Төкмөк бир болду каныңды,
Кызы бир талак, кыйык кул
Тапмак бир болду жайыңды.
Жедигер сүрөп жоо кылып,
Кетирди менин шайымды,
Ичим өрттөнүп, боорум чок,
Сырттаным абам, өзүң жок,
Чамаа чарчап, ал кетти,
Какаңды бузган кайран жан
Денемден кара кан кетти.
Ичи-боорум чок болду,
Менде кенедей кешик жок болду.
Бел байларга белим жок
Беттеп кыргын кылууга,
Береним сендей шерим жок,
Каз айланбас зоом жок,
Кармалаша кеткенде
Караным сендей тоом жок.
Ай карарып бүркөлсө
Түнүң кандай болучу?
Ажал каалап, күн бүтсө
Абаке, күнүң кандай болучу?
Бере, кара жаак айбалта
Кажытпастан ким аштайт?
Бере, калың кыргыз, аз аргын
Момуну капа кылбай ким баштайт?
Бере, долоно саптуу айбалта
Толгондурбай ким аштайт?
Бере, күндүзү кымыз, түнү кыз
Бере, толгон журттун баарысын
Кана абам, тоздуруп ийбей ким
баштайт?

www.bizdin.kg



Кубарып чыккан куу бурут
Жаабай өтөр дейсиңби?
Кумсарып калган эки арам
Жатып алсаң кан абам,
Сени сайбай өтөт дейсиңби?
Кырдан кыйкырып шамал
кырданды,
Асмандан кумсарып булут сурданды,
Жел жүрүп, чөп-чар бөлүндү,
Жакыныңыз Канчоро
Жан койбос түрү көрүндү,
Келеңкер чачпак, кең соору
Кейпи жакшы кыргыз журт,
Кырмызы көйнөк, кымча бел
Кылтылдаган журтуңдун
Айылы кандай конуучу?
Камап душман жоо келер
Аргын, кыргыз журтуңдун
Айылы кандай конуучу?
Айласы кандай болучу?
Тели куш бактың, куш кылдың,
Тентиген жыйып журт кылдың,
Кан абам, кулалы жыйдың куш
кылдың,
Курама жыйып журт кылдың,
Канкорум көзүң жумулса,
Кулалы учат жерине,
Сенин курамаң кетет тейине.
Тели куш учат жерине,
Сенин көзүң кеткен соң
Бая курамаң кетет элине,
Кокуй, абам, өөдө тур
Эр адам жоодон өлбөйбү?
Кырсык чалып, кол кетсе
Жакындан жапа көрбөйбү?
Бармак тиштеп, баш чайкап,
Байкуш куу жан көнбөйбү?
Жамгырдай кылып, жаа тартып,
Жана жакының чороң келбейби?
Тутам жер калбай өрттөнүп,
Торуна түштүң сен абам!
Бүгүн кутуруп өлгөн Чоронун
Колуна түштүң шер абам!
Туу куйругу бир тутам
Тулпардын оозун бурамын,
Тутанып өлгөн Канчоро
Канкор деп кантип турамын?
Ата, шер аба, көзүң жоголсо
Алтын баш кайда катамын?
Каарлуу тууган Канчоро
Каарлуу журтуң ээлесе,
Канкор шер, кайсакка барып
жатамын!
Кокуй, береним абам барында
Белеске конор белим жок,
Ымалалашар элим жок,
Каз айланбас зоом жок,
Менин каргылы кара тоом жок,
Береним, сенден айрылсам,
Ардыккан бойдон Чороңдун
Бейжинге кетер түрү жок.
Кан абам, айтар кебим бар,
Калың кытай көп журтту
Кырып салган жерим бар,
Көзүң барда кан абам,
Мен кирерге көр барбы?
Мен кеткенге ал барбы?
Ата, кагылайын абаке,
Каралды кылган Чороңду
Кашайта көзүн оюп кет,
Кадырман иним өлду деп,
Курмандык кылып алдыңа
Курусун мени союп кет.
Тирүүлөй тозок тарттырба,
Кан аба, тирүүндө мени коюп кет.
Ата, берен ай, көзүң жумулса,
Талашкан Талас жериңиз,
Эмине күнгө түшүүчү,

www.bizdin.kg



Таласта кыргыз элиңиз!
Бере аңгыраган ак сарай –
Аңгемеси бир далай.
Кандай жан күтүп дөө болот,
Бере кабылан көзү жумулса,
Калган шордуу бул элге
Кандай киши ээ болот?
Баскан жердин баары коо,
Кан аба, байкаган жердин
баары жоо.
Кайраным, көзүң жумулса,
Каптал жагың Каканчын,
Маңдай жагың Бакбурчун,
Кара курттай калкы бар,
Кан өлгөндө таламак,
Калгандарды сабамак –
Бу кытай журттун наркы бар,
Уруша чыгып көп кытай
Талап алмак аркы бар,
Кыймылдап кытай жоо келсе
Ак тулпар минип ким озот,
Айкырык салып душмандан
Каары толук бакырып,
«Канкор Манас» деп ураан чакырып,
Бере жоготпой журтту ким тозот?
Кагылайын кан абам,
Чымындай жанга күч келди,
Чын жедигер бүт келди,
Ай карарып түн болду,
Ажал жетер күн болду,
Кебиңди айтчы угайын.
Акылың артык шер элең,
Кан абам, кебиңди угуп турайын,
Сөзүңдү айтчы угайын,
Калың кара жедигер
Мен калкыңа каршы чыгайын,
Өз чамам кетип бүткүчө
Кыяз менен Канчоро
Кармашып жүрүп арамдын
Бирөөнү жерге тыгайын,
Арсландарын атайын
Эч болбосо иттерден
Бирөөнү жаздыгым ала жатайын.
Абаке, төрө сен үчүн,
Кудай, арбак тең үчүн,
Курган абам, сен үчүн,
Эрендерин соёюн,
Жазыгы жок кайран жан
Мен жазалашып көрөйүн.
Ырастап айтсаң ырыңды,
Кокуй, аба, айтсаңчы
Айтсаңчы жакшы сырыңды,
Бекзааданын чын өзү
Безеленер жөн барбы?
Берениm абам, эл кайда?
Канзааданын чын өзү
Капаланаар жөн барбы?
Алда, каран күн абам, эл кайда?
Кире турган көр да жок,
Канчоро каптап айза урса,
Ажыратаар эл да жок,
Шер экениң сында жок,
Ушундай кезде болушчу
Эр Сары кан абам жок».
Деп, ошентип, турду эле
Баш көтөрүп бакырып,
Күлчорону чакырып,
Канкоруң канкор атанып,
Ителгидей кайран көз
Имербестен жаш алып,
Канчаны чапса кол курап,
Каңырыгы бек түтөп,
Кайран эр жашып турду коңгурап:
«Айланайын Күлчором,
Эрен да элең, шер да элең
Эртелеп мураа болор деп,
Тилегеним сен элең.
Кудай үчүн, мен үчүн,

www.bizdin.kg



Кууураган кыргыз журт үчүн
Тулпар оозун бузуп бер,
Туу түбүнө туруп бер,
Катуу чырды кылып бер,
Жетигим, жедигер калкын
кырып бер,
Балдар, жана жети күн уруш
кылып бер.
Жер айрылып козголсун,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо түшсүн,
Муруттарын сербейтип,
Араандай оозу ачылып,
Кара жерге катылып,
Кармашкан жандын баары өлсүн.
Эй, кагылайын Күлчоро,
Жаңжалды жаман сала көр!
Жанакы Кыяз, Канчоро
Ареслан элең, шер элең
Эч болбосо экөөнүн башын ала көр!
Эй, кагылайын Күлчоро,
Каралды элең, бел элең,
Кадыр Алда Кудайдан
Сураганым сен элең.
Кечээ, Арбуурулдан айрылып,
Бу жерде абаң турат кайгырып,
Бере, атамдан калган Аккелте –
Артык жолдош курч буюм
Сундурсам от албады.
Болбой койду бул буюм
Ат көтөрбөйт абаңды,
Ал топурак басты бейм,
Кара жер чиркин абаңды,
Чын койнуна салганы,
Чымырканып калганы.
Быягына күйүнөм –
Мыктуу Чором угуп тур!
Кан абаң өлсө окустан
Кайра келбес чын жайга
Сапар жүрсө кокустан,
Долоно саптуу айбалта
Толгоп кырып сен ашта,
Толгон кыргыз, аз аргын
Тоздуруп ийбей сен башта,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эби менен журт кылгын,
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Эби менен жер кылгын,
Көңүлүңдү бөлбөгүн,
Көкжал абам өлдү деп,
Артымдан байкуш өлбөгүн!
Мындай шумдук кылбагын,
Кудайдын кылган ишине
Көтөрбөй турган чара жок,
Жеңең Чүрөк боюнда
Үч ай күмөн бала бар,
Эркек болбой кыз болсо,
Көп дүйнөсүн жыйып кой,
Ыйлабас жерге кыйып кой,
Аркар атып жеп койгун,
Арыслandай кайран шер
Туяксыз өттү деп койгун,
Жал-куйругу такыр жок
Кулandай өттү деп койгун,
Басарына буту жок
Жыландай өттү деп койгун.
Куйругу жок, жалы жок,
Сопол болду деп койгун,
Мүйүзү жок башында
Токол болду деп койгун.
Эгерде эркек уул болсо,
Тоюна токсон соё көр,
Атын «Сейтек» коё көр,
Курсакта калып туулган,
Менин уулум чын болсо,
Ааламга салар чуулган.
Ай-ааламды буй кылган
Атабыз Манас канаты

www.bizdin.kg



Жетим калып жетилчү
Атабыздын адаты.
Болжолсуз катын Айчүрөк
Кайгы-капа көрбөсүн,
Канкор төрөм өлдү деп,
Бычакка түшүп өлбөсүн,
Өзүн өзү жарбасын!
Өжөр күндүн бири эле
Өпкөлөп өлүп калбасын,
Жесир калса көзүң сал,
Жеңеңди Чором, өзүң ал!
Жаман баксаң жаманат,
Айдай катын Айчүрөк
Ай, иним, сага аманат!
Мойнуна тумар тага көр,
Эркек болсо иниңди
Канаттууга кактырбай,
Камчылууга чаптырбай,
Тумшуктууга чектирбей,
Буту барга тептирбей,
Карылууга сөктүрбөй,
Кайран иним, бага көр!
Бакпай койсоң жаманат,
Жаман катын, жаш балдар
Күлчором, сага аманат!
Көрүп койсо көөнүм ток,
Карап койсо карын ток,
Элестеп койсом Урмекем –
Ак байбиче энекем.
Толгон жаш көргөн карыя –
Чыйырды энем олуя,
Кыямат жайын көрсүн де,
Кылайган жанга кор болбой,
Жарынса да, уу жесе,
Жанын кыйып чоң энем
Чыйырдыны өлсүн де!
Беш аркар жылдыз батканча
Беш кайрылып эмизген,
Казыдан чайнап жегизген.
Тар курсагын кеңитип,
Таш эмчегин бошоткон.
Бир мүшкүлгө калбасын,
Өлүп калса жаманат,
Курсагында күмөнү
Семетейге тукум деп,
Ошондо турат тилеги.
Чындап күйсө жаманат –
Айчүрөккө аманат!
Аман жүрүп эр болсо,
Эрешен тартып эр болор,
Эр уулу менен тең болор,
Ааламдан чыккан шок болор,
Атаккан жоосу токтолор,
Толуктап тоюн сойгула,
Эркек болсо баланы
Атын «Сейтек» койгула!
Көңүлдөгү капаны
Баарын таштап койгула,
Эркек болбой, кыз болсо
Билген атың койгула,
Оюңар менен болгула,
Айткан сөз ушул көңгүлө,
Бир ыйлабас жерге бергиле!
Ажал жеткен өлбөйбү?
Калганы күнүн көрбөйбү?
Күйүт тартып зарланып,
Мүшкүлдүн каарын жутпасын
Кайран катын Айчүрөк
Канкор мындай болду деп,
Айдай бетин тытпасын.
Кайгырчы болсо жаманат
Менин айтылган сөзүм аманат,
Керектүү катын Айчүрөк
Калдай башын туу кылсын,
Катын башын эр кылсын.
Баатырларды баптасын,
Калган кыргыз, аз аргын
Баана болуп сактасын,

www.bizdin.kg



Айтылуу Талас, Кең-Колду
Эби менен жер кылсын,
Бере, аргын, кыргыз кайран журт
Эби менен эл кылсын.
Айчүрөккө салам де,
Төрөңдөн келген кабар де!
Айчүрөккө айткын сөз –
Ажал жетип күн бүтсө,
Ардактаган Күлчором,
Айта барчу ушу кез.
Болжолу жок бейбакка
Болумдуу жыйган казына.
Казына оозун ачсын де,
Мискин, бакыр, дубана,
Жетим-жесир алсызга,
Жетелеткен көзсүзгө,
Буурача чеккен мунжуга,
Алсыз начар кокуйга,
Ал казына жыйган мал
Зарып кылып чачсын де!
Тоодогу жылкы тогуз сан
Тобурчак-буудан аралаш.
Айткан сөзгө көнсүн де,
Аргын, момун кыргызга,
Айдамалуу көп журтка,
Кары, жаштын баарына,
Эркек, катын жанына,
Жылкыны жылма бөлсүн де,
Канкордон калган мурам деп,
Калың элге таратып,
Жана көп жылкыны берсин де,
Ааламдан ашкан оюм бар
А Таластын боюнда
Жайнаган уй, төө, коюм бар,
Топону тогуз сан болуп,
Кандыгым журтка даң болгон.
Ар айтканга көнсүн де,
Упасыздын баарысын
Буй түшүрүп, дуу кылып,
Калың элге чуу кылып,
Кайран кыргыз журтуна
Калтырбай муну берсин де,
Сакалдуу, жаш-карысы
Кадырман канкор эли деп,
Апта жүрсүн чуу туруп,
Ургаачы, эркек баарысы
Кең Таласты жердеген
Кайран жаным турганда
Кармашып душман жеңбеген,
Каканчы каарын салбаган,
Каптап душман албаган,
Эңкейтип менде келбеген,
Теңешип душман жеңбеген,
Атаман калган мурапы
Артык журтум кыргызга
Көкжал төрөм кетти деп,
Кайрылбачы чын жайга.
Кайран киши өттү деп,
Калың кыргыз чууласын,
Кара кийип, кан жутуп,
Кайран журтум куурасын!
Эс билген мыктуу карысы,
Каралды канкор кетти деп,
Калың журт кейип баарысы
Жылгындуу, Кең-Кол, Таласка
Чаржайыт журт конбосун,
Баатыр көкжал Семетей
Барлыгыңдай болбосун!
Кара-Буура, Чаткалга
Кайкалай журтум консун де,
Кең багалек, жайык төш
Журтка короо ыктуудан,
Эл багуучу мыктуудан,
Машы уста мергенден,
Баатырлыгы келгенден,
Көкжалдыгы көрүнөө
Көйкашканын өзүнөн,
Калк башкарып, журт күткөн

www.bizdin.kg



Кадиктүү эрдин өзүнөн,
Журт сакчысы адамдан,
Эл сактачу балбандан,
Сакчыны мыктап койсун де,
Аскер жыйнап жатсын де,
Кыргыз эл жанын баксын де.
Калп эле көзүн кыскан бар
Бу кыргыздын коргонун
Бузганы жүргөн душман бар,
Кадырман каның өлду деп,
Калың ал душман болбосун.
Эрендерди кырбасын,
Кастарын тиккен душмандар
Кан талоосун кылбасын,
Ушундай кызык кылбасын,
Быягына сак болсун!
Кан өлгөндө баары өлүп,
Өзөнгө бойлой конбосун,
Өзүнчө жаткан кайран журт
Өрт өчкөндөй болбосун!
Берениңер баарыңар
Кебиме кулак салыңар,
Кейитпей жанды багыңар!
Душман угуп албасын
Туураңдан чабуул салбасын!
Төрөңдүн айтар кеби бар.
Кан талоону коюуга,
Кашайтып талап журтуңду
Каптап кирип союуга,
Канча душман кеги бар,
Чын укпасын Чынмачын
Чындап кыргын салбасын,
Кара курттай калкы бар
Катылганды жөн койбой,
Башын кесмей аркы бар,
Ордолуунун өзү эле,
Душмандын кара көзү эле.
Кытай каптап кыжылдап,
Түбүңөргө жетпесин,
Түгөл каптап түгөнгүр
Түгөл чаап өтпөсүн.
Нарыңды тийип булданып,
Эрендерди кулданып,
Кыйлаңарды кырбасын,
Кыр жагында кытай журт
Кыздарың олжо кылбасын.
Жаккан отуң көчүрүп,
Жан-жабылта көчүрүп,
Түбүңө түптүз жетпесин,
Түзүрөөк кырып кетпесин,
Заар чеңгелин салбасын
Кажылдап калмак журт келип
Калкыңды талап калбасын.
Калган журттун баарысын,
Жашы менен карысын,
Быягына сак бол де!
Атына салган өрөөсү,
Айдыңы жанды үркүткөн,
Дүбүртүнөн чаң чыккан,
Кобуртунан жан чыккан,
Туу түбүнө турушкан
Көздөгөн душман жоо болсо,
Кыргынга келген доо болсо,
Кылча көрбөй душманын
Туу түбүнө турушкан,
Туугандашып урушкан,
Турбай кыргыз ичинен
Атамак болду төрөсү
Кетмек болду кыргыздан
Семетей аттуу ээси,
Алтын боолуу чатыры,
Журтка коргон баатыры,
Канчоро, Кыяз сойду деп,
Кыж-куж этип чуркурап,
Бирөөнүн тилин бирөө албай,
Бирөөн-бирөө көрө албай,
Алаган кандай чуркурап,
Айылга жакшы болбосун,

www.bizdin.kg



Андай ишин оңдосун,
Кан өлгөндө баары өлүп,
Калгандар мындай болбосун.
Бирликти коюп, бир жерде
Жылгындуунун оюна,
Кең Таластын боюна,
Үч-Кошойдун бетине,
Кан-Жайлоо, Беш-Таш четине,
Калың журт чогуу консун де,
Көк темирдей шыркырап,
Душманга мындай болсун де,
Койгулашкан адамды
Курулай көзүн кысканды,
Бөлгөнү келген душманды,
Баарысы тегиз турсун де,
Шер кайратын кылсын де,
Бөлүнбөстөн жарынбай
Атышты арбын салсын де,
Жаман катын, жаш балдар
Жабыркатпай буларды
Душмандан минтип баксын де.
Бөлүнүп кыргыз конбосун,
Калың журтка керээз айт,
Каралды кылып отурган
Канкор Семетейдей болбосун,
Бөлүнүп журт конбосун,
Бөлөктүн жөнү болбосун,
Айткан сөзгө бек болсун,
Ак болоттой көк болсун,
Кан өлгөндө баары өлүп,
Кырды бойлой конбосун,
Канча айткан керээзим
Күлчором, кан талоосу болбосун.
Кыжылдаса баш кетер,
Чатак болсо сал кетер,
Чабыш болсо жан кетер,
Калың элге салам айт!
Кайран элге бир душман
Мандайында бараң бар,
Басып алчу далай бар,
Имерме жерден чаң чыгар,
Ал эмес Индиядан да чыгар,
Жердин баары дуу болор,
Эр Семетей өлдү деп,
Калың журтка чуу болор,
Калк чуркурап дуу болор.
Айыл бузбай көк турсун,
Душман келсе найза урсун,
Баатырсынган жоо келсе
Маңдайлашып турушсун.
Баатырың аман барындай
Барсылдашып урушсун,
Кайраттуу болуп калышсын.
Кашаттай көрүп көп душман
Кайырып жүрүп көрбөсүн,
Аргын кыргыз, арбын журт
Каптап кирип көй душман
Камчыга ченеп бөлбөсүн,
Берендер, шерлер өлбөсүн,
Өнөгүн жанга бербесин!
Бу Таласта кыргызга
Суук боор душман келбесин.
Калкыма айткан бул сөзүм
Кагылайын Күлчоро!
Калың элге муңумду айт,
Тоодо жылкым токсон сан
Ичинде тулпар буудан бар,
Калың элге салам айт!
Калтырбай жыйып алсын де,
Көй тулпардын баарысын
Чубатууга салсын де,
Кара байыр казанат
Тулпар тандап минсин де,
Туш-туш жактын баарына
Каралчу мыктай жүрсүн де.
Калганына канына
Калган элдин баарына
Кайран жанды баксын де.

www.bizdin.kg



Кан өлгөндө баары өлүп,
Калк чуркурап, чуу туруп,
Ал эрдикти койбосун
Көрө албас душман көп эле,
Көмүүчү душман жок эле,
Каптап калкты кетпесин,
Калк түбүнө жетпесин,
Быягына сак болсун!
Ордого талоон кылбасын,
Калкка мүшкүл кылбасын.
Калың журт уксун кебимди
Кан абаң көзү жумулса,
Кагылайын Күлчоро,
Таба көр жакшы элиңди,
Бага көр кыргыз элиңди,
Күтө көр султан шериңди,
Аргын менен кыргызга
Журт түркүгү мен элем,
Журт кашаасы сен элең,
Алмамбеттен туулган
Даңкың кеткен далайга
Баатыр, ааламга салдың чуулган.
Улукмандуу шер элең,
Ушундай көкжал эр элең,
Кан өлгөндө кайгырып,
Сени Кудай урбасын,
Какайган белиң сынбасын,
Муң ичиңе толбосун,
Санаа адамды саргартат,
Муң адамды мустайтат,
Муңду коюп, элди бак
Кайгыңды коюп, жоону чап,
Кашаа болуп элиңе
Ата бол кыргыз жериңе.
Баана болуп башчы бол
Баатыр Чором элиңе,
Өзөңдү байкап жерин чал
Акундун кызы Чүрөктү
Иним, айлан келсе өзүң ал,
Иш кылбасаң жаманат
Аргын, кыргыз, Айчүрөк
Бул үчөө сага аманат,
Кокуй, Чоро, кебимди ук
Берен энем Каныкей
Кааласа кадыр түн эле,
Кан шаарынын бир эле,
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын пашасы,
Узун чачтын ыктуусу,
Берен энем Каныкей
Бейтаалай мындай күң эле,
Кешиги жок энемдин
Кежиге чачы чөп эле,
Жыргалынан жыласы
Айза бою көп эле.
Маңдай сөөгү кайкы эле.
Баатырым атам өткөнү
Көрүүчү күнү тайкы эле,
Чокуда чачы ор эле,
Баланын көзү жумулса,
Кейип-кепчип жүрөрү
Айза бою шор эле,
Менин көзүм жумулса,
Белгилүү энем бейбакта
Көрүүчү көөнү жок эле,
Менин көзүм өткөндө
Күл ботом деп чыркырап,
Жалгызым деп буркурап,
Боз ала туйгун болгон деп,
Боз карчыга чолпон деп,
Боздоп кебин кылбасын
Кайран энем долу күң
Чыркырап Кудай урбасын,
Чымчылап бетин жарбасын,
Алты жүз нар, миң тайга
Сатып алган ак канжар
Үңгусу болот, учу курч
Чыңырып колго албасын,

www.bizdin.kg



Чын жанын кыйып өлүмгө
Чыркырап ыйлап энекем,
Энекем эмес, Урмекем,
Маңдайдагы паанайым,
Байталман энем таалайым,
Өзүн өзү жарбасын.
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Бөөдө өлүм болбосун,
Өзүн өзү сойбосун,
Жанына жапаа урбасын,
Чыңырып жанын кыйбасын,
Тажаалдыкты кылбасын,
Бөлбөсүн энем санаасын
Баана кылсын Күлчоро
Байкуш кенже баласын,
Долулук кылбай шордуу энем
Карасын Чоро баласын,
Чыңырып бетин тытпасын
Оолукмалуу күң эле,
Олуяттын бири эле,
Кокустан уу жутпасын,
Эл башчысы мен өлсөм,
Эл энеси ал өлсө,
Аргын, кыргыз кайран журт
Айылды кандай конуучу?
Акылдуудан ажырап,
Айласы кандай болуучу?
Акылдан танып, эс кетип,
Андай-мындай дээр адам жок
Ай караңгы түн болуп,
Алты эли тутам күн болуп,
Журтка зообун тийбесин
Элден мурда төрө өлүп,
Арка тиер эне өлүп,
Аркыраган аба өлүп,
Ар кыраандар жана өлүп,
Өрт өчкөндөй болбосун,
Чымындай жанды кыйнасын,
Чыркырап энем ыйласын,
Долулукту кылбасын,
Бөлүнтпөсүн санааны
Көзү көрүп өлсүн де,
Курсакта калган куу жолтой
Курсакта жетим баласын.
Эсил энем Каныкей
Эр эле боо карасын,
Буйругун көрүп Кудайдын
Муңканып ыйлап энекем
Бузбасын асты санаасын,
Энекеме салам айт!
Узаган Бакай карыя
Кайран абам өлбөдү,
Атам Манас сырдашы
А дүйнөлүк курдашы
Токунса минер бурагы
Топ ичинде чырагы,
Капыядан сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан,
Айза салса бойлогон
Ай караңгы түндөрдө
Арысландай жойлогон,
Жапаа көрүп таңылбас
Ай караңгы түндөрдө
Карсак изин кубалап,
Калтылдап көкжал жаңылбас,
Көкжал абам эр Бакай
Каза болуп өлбөдү,
Калк чуркурап чуу туруп,
Бабасын байкуш көмбөдү,
Эрен Бакай кан өлсө
Менден мурун ал өлсө,
Чийбейт белем сызыкты,
Баштабайт белем кызыкты,
Малдан ачып баарды,
Кыдыртып кыйла шаарды,
Асыл Бакай өлдү деп,
Кайнатат элем канымды,

www.bizdin.kg



Зарып кылып малымды,
Ачат элем уйкумду,
Абам Бакай шер үчүн
Чачат элем мүлкүмдү.
Салат элем бүлүктү,
Жаратып тулпар күлүктү,
Жер ээлеген казына
Жеткилең оозун ачтырып,
Жетик дүйнө түмөн мал
Жер жерлерге чачтырып,
Атбороюн сыдыртып,
Ай-аалам журтту кыдыртып,
Көп жашаган карысын
Жыйбайт белем кайран жан
Көп көргөн жандын баарысын.
Кулак угуп, көз көргөн,
Тулпар чуркап, ат жеткен
Жерге кабар бердирип,
Кулак угуп, көз көргөн
Элге кабар бердирип,
Капыр менен бусурман
Койбой журтту келтирип,
Узун кулак сарысын
Жыйып журттун баарысын,
Дүрбөн кылып анысын,
Кабарын журтка шаң кылып,
Бабам Бакай өлдү деп,
Башында карап турбадым.
Бабам Бакай карыга
Чын кызматты кылбадым.
Эл бүлүнтүп, калк жыйып,
Эсепсиз журтту жыйбадым,
Бабам Бакай карыга
Кол менен кызмат кылбадым,
Кымыз менен жуудуруп,
Кымкап менен буудуруп,
Зам-зам менен жуудуруп,
Зарбар менен буудуруп,
Ыйыктарга сактатып,
Ырчыларга мактатып,
Эрендерге сактатып,
Эпчилдерге мактатып,
Эсил абам карыны
Көлүм менен көмбөдүм.
Кадырман Бакай өлгөнүн
Кадыр Алда жараткан
Көзүм менен көрбөдүм.
Бабаман мурун мен өлдүм
Бабам Бакай өлдү деп,
Башына карап турбадым.
Журт кубантып иш кылып,
Калайыкка күч кылып,
Өзүм кызмат кылбадым.
Келинге кете кийгизип,
Кетеченин этегин
Кең кылып жерге тийгизип,
Кызга кызыл кийгизип,
Кымчачанын этегин
Кыйгачтап жерге тийгизип,
Чакырчыны жүрдөтүп,
Капыр менен мусулман
Калбай чогуу дүрбөтүп,
Канкор абам Бакайга
Башында карап турбадым,
Баатыр абам шериме
Өзүм кызмат кылбадым.
Абакем Бакай өлбөдү
Абам Бакай өлдү деп,
Журт дүрбөтүп, эл жыйнап,
Колум менен көмбөдүм,
Башында карап турбадым,
Казысы карыш бээ союп,
Айры өркөчтүү нар союп,
Дүнүйөнү тең коюп,
Өлсө кызмат кылбадым.
Абам шердин башына
Өзүм карап турбадым,
Сар санаттуу сандырга

www.bizdin.kg



Канкор Бакай абама
Тоодой сыйнат кылбадым,
Капыр менен бусурман
Калтырбастан калк жыйып,
Кан абам Бакай тоюна
Өзүм кызмат кылбадым,
Көңүлүм чөгүп барбадым
Көп айрылбайт арманым,
Төрт түлүктүү малымды
Зарып кылып көрбөдүм,
Канкор Бакай аштарын
Колум менен бербедим,
Арбын дүйнө калың мал
Ашына зарып кылбадым,
Эрен Бакай абамдын
Кызматында турбадым.
Кулак угат, көз көрбөй
Өтүп кеткен жан экен
Көкжал Бакай дүрбөнүн
Көкөтөйдүн ашынан
Артыгыраак кылбадым,
Бакай калып, мен кеттим
Барыдан мүшкүл иш болуп,
Чоң дүрбөөнүн кылбадым
Чоң атам Бакай көкжалдын
Аш каадасын бербедим.
Кулапдай кулак жапыртып,
Куюндай жерди сапыртып
Кермеге атты байлатып,
Күнү-түнү айдатып,
Азууларын аркайтып,
Алдыңкы ээрдин шалпайтып,
Алты сандай ар сайып,
Албан түрлүү мал сайып,
Сан кара кашка бээ сайып,
Сан дүйнөнү көп сайып,
Адамдын таппас ою деп,
Ажыраштык Бакайдан
Асыл бабам тою деп,
Калың кыйын кашы деп,
Сыйнатында турбадым.
Кан атам Бакай ашы деп,
Багалектен алышып,
Балбандар кызык салышып,
Бакандары майышып,
Баатыр эрлер сайышып,
Дүнүйөдөн бүт кечип,
Зайып чыгып төө чечип,
Адам тапкыс баш болуп,
Кан Бакайга аш болуп,
Кайран көкжал Семетей
Эл дүрбөтүп журт жыйнап,
Кара тоодой калдактап,
Калк башкарып далдактап,
Ырас деп Бакай бабамдын
Бул ыскатын көрбөдүм,
Эл дүрбөтүп, мал чачып,
Эрен Бакай абамдын
Ашын өзүм бербедим.
Кызматында турбадым
Бакай кан өлүп, мен калып,
Ушундай беле кубары
Абам Бакай өлдү деп,
Калың жанды туйлатып,
Катынга кара кийгизип,
Калтырбай журтту күйгүзүп,
Кызга кызыл кийгизип,
Кыйгачтатып этегин
Асемдетип тийгизип,
Арслан Бакай абамдын
Кара ашында болбодум,
Кетмендеп жерди ойдуруп,
Жерди казган балбанга
Жетимиш бээ сойдуруп,
Аруулап жууп, ак ороп,
Чий майдамды чалдырып,
Кымбат баа кырмызы
Кыйындан суптап алдырып,

www.bizdin.kg



Суптан кепин оротуп,
Мен башында болбодум,
Бабам Бакай карыны
Колум менен койбодум,
Дагы арманым ушундай.
Артымда Бакай калган соң,
Көз көрбөдү жаманат,
Көкжал да элең, шер да элең,
Күлчоро сага аманат.
Аман болсоң Күлчоро
Абам Бакай кан өлсө,
Калк дүркүрөп, сен көмсөң
Кой калтырбай соё көр,
Колуң менен Бакайды
Журт дүрбөтүп көмө көр.
Абамдын айткан кеби – деп,
Арбак тилин ала көр,
Арыслан Бакай карыга
Көзүңдү Чором, сала көр,
Эсил абам айтты – деп,
Айтып анык табыштап,
Көз жумулуп, жан кетип,
Бут тартылбай ал кетип
Бууданым абам өлдү деп,
Бу кебимди сыйлай көр,
Мен өлгөн соң кайран жан
Берениm Бакай өлүүчү,
Кабылан Бакай өлгөндө
Көмүүсүз көк мээ калды деп,
Өзүңдөн бөлөк шер чором
Кай адам аны көмүүчү?
Канкорлугун шерлигин
Кайгырып ким билүүчү.
Эсил абам айтты деп,
Айтып анык табыштап,
Көз жумулуп жан кетип,
Бут тартылбай ал кетип,
Бууданым абам өлдү деп,
Буу кебимди сыйлай көр.
Мен өлгөн соң, кайран жан
Береним Бакай өлүүчү,
Кабылан Бакай өлгөндө
Көмүүсүз көк мээ калды деп,
Өзүңдөн бөлөк шер чором,
Кай адам аны көмүүчү?
Канкорлугун, шерлигин
Кайгырып ким билүүчү?
Көмбөй койсоң жаманат.
Кан атаңдын сырдашы,
Оо дүйнөлүк курдашы,
Сакалынын агында,
Сапары чукул чагында,
Сапар кайтса зор Бакай
Өзөн суусун бурбагын,
Кан өлгөндө баары өлүп,
Өрт өчкөндөй кылбагын!
Кан чунагым өлдү деп,
Картайган Бакай өлүүчү.
Уруучу мүшкүл урбасын,
Билбестик кылып Бакай эр
Ак сакалын жулбасын,
Эр Семетей өлдү деп,
Даанышман Бакай карыга айт,
Аргын кыргыз баарына айт.
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Сары таз атын жойдуруп,
Сары кан атка койдуруп,
Үзүлгөнүн уладым,
Чачылганын жыйнадым.
Эл короосу там кылдым,
Аргынга султан – кан кылдым,
Ал Сары кан абаңдын
Салып жүрүп там кылып,
Сандыргалуу кан кылып,
Ак марал кууп уй кылып,
Алышкан жерди буй кылып,
Көк марал кууп уй кылып,
Көздөгөн жерди буй кылып,

www.bizdin.kg



Бул Сары кан абакең
Мунун жолдоштугу кан экен,
Ат туягы тийбеген
Белден аман бар бекен,
Айкырып айза тийбеген
Элде бүтүн бар бекен?
Өөдө болсо – өбөгүм,
Ылдый тартса – жөлөгүм,
Бастырып чыкса – ак жолум
Барааны мыкты сан колум,
Алтын жаак айбалта,
Айдап жүрсөм чоң аркам.
Чөлдөн ысык тосуучу
Дарактуу бай терегим,
Чөлдөсө суусун кандырган
Эр Сары кан керегим.
Кокуй, Чором, кебимди ук!
Сары канга кат учур,
Кат учурсаң бат учур!
Арслан берен Сары кан
Шашпай мында келсин де.
Өлбөй тирүү турганда,
Канкор абам Сары кан
Караан болуп берсин де!
Кайрат кылып турушсун,
Карсылдашып урушсун,
Айза кармап топ бузуп,
Белгилүү абам Сары кан
Менден мурун окко учсун!
Белгилүү көзүм жооруса
Уруучу Кудай урбасын,
Букарлыктын тазы деп,
Көмүрчү кулдун башы деп,
Ордолууга ордо деп,
Темиркандын шаарынан
Тентип келген олжо деп,
Сан карасын сапырып,
Артыма калса Сары кан
Кан талоосун көрбөсүн!
Канчоро, Кыяз капырлар
Душмандан жаман иш кылган.
Кастарын тиккен баатырлар
Кордук кылып урбасын,
Сакалын койбой жулбасын!
Күйүп-жанып чок болуп,
Кордуктан абам өлбөсүн,
Олжого келген бу кул деп,
Камчыга ченеп бөлбөсүн!
Эрен абам Сары кан
Ал мүшкүлгө көнбөсүн,
Мал-мүлкүнүн баарысын
Иттерге кармап бербесин,
Мандайлашып турушсун,
Айза сунуп, балта уруп,
Барсылдашып урушсун.
Атышты арбын салсын де,
Арамдардан Айкөлүн
Ажыратып калсын де!
Айткан кебин ушундай
Менин чоң энекем Чыйырды –
Алтын жатын энекем –
Ак байбиче Нурмекем.
Уулдан бирди шер тууган,
Шер экени билинген.
Кыздан бирди шер тууган,
Кыздан тууган Кардыгач
Эрден тууган эр Манас.
Баатыр атам өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө,
Сан дүйнөнү чачыптыр,
Менин берен энем Каныкей
Кууралганын билгизип,
Чымындай жанды күйгүзүп,
Айдалыга атайы
Энекемди мингизип,
Эченге чыккан кары эле,
Көрүп койсо көңүл ток,
Карап турса карын ток,

www.bizdin.kg



Карган энем Чыйырды
Ушундан башка мекем жок.
Дубасы журтка жарыя –
Туйгун атам энеси
Ал Чыйырды карыя,
Кордук көрбөй өлсүн де!
Ай байбиче олуя,
Атаңдын көрү, дүнүйө
Бүгүн көргөн эртең жок,
Бир күн бетин көргөзсө,
Бир күн артын көргөзгөн
Мына ушундай экен дүйнө бок!
Мен белсенип турганда,
Берен энем өлбөдү.
Энемди бу жан көмбөдү.
Кыйын кызмат кылбадым,
Чыйырды өлүп башында
Өзүм туруп көмбөдүм.
Жайын кенен ойдуруп,
Аа жайынын ичине
Жакуттан чырак койдуруп,
Кымыз менен жуудуруп,
Кымкап менен буудуруп,
Ат баштаган алты миң
Карашына сойдуруп,
Калайыкка той кылып,
Ыскатына турбадым,
Берен энем өлдү деп,
Кызматын өзүм кылбадым,
Байкуш энем карынын
Башында карап турбадым.
Менин көзүм өткөндү
Баласын жеген куубаш деп,
Ит өлүмү болбосун,
Кейип куу жан калбасын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарбасын!
Берен уулум өлдү деп,
Өлөөрүндө Чыйырды
Эки бетин тең тытып,
Эсин жыйбай кан жутуп,
Мындай жапа салбасын.
Берен энем Чыйырды
Бул мүшкүлгө барбасын.
Казы чайнап, май берчү
Кадырман уулум өлдү дээр,
Кайра турбас чын жайды
Кайран уулум көрдү дээр,
Күн өлчөсү өттү дээр,
Күйөрман уулум кетти дээр.
Өлө турган чагында
Эми кордук көрбөсүн,
Берен энем Чыйырды
Көр азабын көрсүн де,
Тирүүлүктөн көр жакшы
Жер азабын көрсүн де!
Жанын карып кылбасын,
Жарыктык кары турбасын.
Бейлин карып кылбасын,
Бечара энем турбасын!
Менин өз энекем Каныкей –
Өлүмгө бурбай санаасын,
Өз тукуму эмеспи,
Медер кылсын артында калган
баласын!»
Адам, күңгүрөнүп күркүрөп,
Күлүстөн керээз айткыча
Чубактын уулу Канчоро,
Капырай, чуулганду ал Чоро,
Маңдайдан чыкты көп караан,
Алда, атаңдын көрү, Канчоро –
Кудай бардыр, тузу арам!
Жер бузулуп кол жайнап,
Жерге сыйгыс кол айдап,
Колдун баарын чогуу айдап,
Айры белес кайканда
Арбайып турган төрөңө
Ат – тулпардан айрылып,

www.bizdin.kg



Дардайып турган төрөңө
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Канчоро камбыл баш болуп,
Тандаган экен бузукту,
Кылган экен кызыкты.
Калың кара жедигер
Камбылы Кыяз, Канчоро
Сары адырмак бөксө түз
Таптап келип жеткенде,
Сан түмөндөп калың кол
Каптап келип жеткенде,
Акырын басып аянып,
Арбуурул түшүп эсине
Азганакей көкжал шер,
Аккелтени таянып,
Көкжалдыгы билинип,
Ээр белдей белеске
Зыңгырады кенебей,
Жедигер каптап кетерин
Бучкагына теңебей,
Эрдик менен кесирди
Эгем таалам жасаган
Берген экен ченебей.
Кандын караанын көрүп жедигер
Чылгый ичи өрт – жалын.
Чындап кейип, чуу туруп,
Же кашатча басып ашалбай,
Кыяз менен Канчоро
Ошондон коркуп калың журт
Кайра тартып качалбай
Же айза сунуп айкырып,
Арслан шерди басалбай.
Алек болуп күйүнүп,
Калың журт турат чуу туруп.
Аманат жандан түңүлүп
Атабыз эле, канкорго
Кагышты кантип салдык деп,
Ата, кара манжуу, кытай жок,
Караан кылган канкордун
Кантип башын алдык деп,
Калк чуркурап, кыбырлап,
Билгенине билбеген
Адам, акырын айтып шыбырлап,
Атасы Манас, эр көкжал
Олжого кыргыз кеткенде
Алтайга барып туулган.
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, олжо алып,
Бул ааламга салган чуулган.
Бул Кытайга кеткен кыргызды
Ала келген шер эле.
Бул азган-тозгон аз элге
Ата болгон неме эле.
Ата, көкжал, кантели,
Арысландын тукуму
Добул келсе жел тозчу
Булуң токой – чер эле.
Кыйлага коргон болучу
Баатырың көк арстан чеп эле
Адам, күлазыкты чачсакчы,
Ата, кайран шерге катылбай,
Ушул турган жедигер
Түп көтөрө качсакчы.
Мунун башкы атасы Караган,
Ар Караган өлгөндө
Олжо болуп көп кыргыз
Ар кайсы жерге тараган.
Ал Караган өлгөндө
Душман кыстап киргенде
Ошондо кыйла кырган карыңды,
Кызыл уук кылып барыңды.
Олжого алып кызыңды.
Татыткан эчен тузуңду.
Бузуп ийген айлыңды,
Такыр жарып таштаган
Боюнда бар зайбыңды.
Ойлогула калың журт,

www.bizdin.kg



Кабарында бар бекен,
Түгөткөн эчен жашыңды.
Олжо кылып башыңды.
Талкалап ийген элиңди.
Тартып алган Ата-Тоо сындуу жериңди.
Сураган минтип жашыңды.
Туш-тушка бөлгөн башыңды.
Бириңди айдап Алтайга,
Бириңди айдап Каңгайга,
Теңибиз кеттик Эйренге
Көбүбүз түштүк тереңге.
Кыйлабыз кеттик казакка
Көбүбүз түштүк азапка.
Мунун атасы Манас шер чыгып,
Кечээ Таласка келип конгондо,
Манасың Манас болгондо,
Аколпок тонун кийгенде
Алчайып атка мингенде
Аккула аты баспаган
Жерде бүтүп калбаган.
Манас кан чаап албаган
Элде бүтүн калбаган
Жети-Суудай кайран жер
Манас берип жер кылды.
Ажыратып капырдан
Айкөл Манас эл кылды.
Эли Манастын уулу көкжалга
Бастырып кантип киребиз?
Баштагы кеткен көкжалдын
Тузуна кантип сиебиз?
Уятың барбы, кыргыз журт,
Мунун уулуна кантип киребиз?
Эми кыйлага коргон канкорго
Кайсы бет менен тиебиз?
Бөксөнүн белин ашалы,
Канкорго тийип катылбай,
Бөлүнүп, кел журт, качалы!
Мына, Жоргонун белин ашалы,
Жолобой кел журт, качалы!
Беш-Таштын белин ашалы,
Бет албай, кел журт, качалы.
Туз арам кулга тил алып,
Тушунан кантип киребиз.
Көөсөр итке тил алып,
Көкжалга кантип тиели.
Ээр белдей белести
Ашпай турду жедигер
Манастын уулу көкжалга
Батпай турду жедигер.
Канчоро, Кыяз бакырса,
Каптап кет деп чакырса,
Оо дүйнө кеткен Манастын
Ороюн кандай кылдык деп,
Тийбей турду жедигер.
Жедигер тийбей тургуча,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Жылгындуу, Кең-Кол оюнан.
Таластын куйган боюнан
Оргуган укмуш чаң чыгат,
Чаңга аралаш бакырык.
Бакырыкты байкаса,
Манас деп ураан чакырып,
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Караанды тоодой көрүнөт.
Жарлы суунун түбүндөй,
Эң кайраты башкача –
Жан алгычтын бириндей,
Жаткан иттей кашы бар,
Жан казандай башы бар,
Эки ийнинин үстүнө
Экиден дөө конгудай,
Кездешкенди сойгудай,
Ураанды Манас сөзү бар,
Чөйчөктөй толук көзү бар.
Эр кайраты буткулдай
Колуна тийсе жөн койбой,

www.bizdin.kg



Эки кулду жуткудай.
Алагай көзү алайып,
Калканынын кулагы
Жүрөк түшөт чунайып,
Жоолоочу жоонун өзү экен,
Кабарында жок болсо,
Сары кандын көзү экен,
Дагдыр жетсе өлөм деп,
Эр Семетей баатырга
Караан болуп берем деп,
Кара көзүн кан чалып,
Канды жүзүн нур чалып,
Кырдан булут сөгүлүп,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Сары кан келет көрүнүп,
Туучунагын туйлатып,
Тушукканды кыйратып,
Эки беттин токмок эт
Эки арслан тойгудай,
Эки жактан он миң кол
Аралап кетсе сойгудай.
Кашатчадай калкайган,
Карааны тоодой залкайган.
Мурунуна карасаң –
Селебенин кабындай.
Адырайган муруту –
Букарлыктын шабындай,
Чыкыйы томук бороодой,
Эки көздүн чуңкуру
Жалчылар казган ороодой.
Ошондо келди Сары кан
Туучунагын туйлатып,
Тушукканын кыйратып,
Айзакерден Сары кан
Ыктуулугу дагы чын
Айла билгич эң даңгыл
Мыктуулугу дагы бар.
Жазы жаак жалпак тил
Чечендиги дагы бар,
Жоо бөрүсү Сары кан
Көсөмдүгү дагы бар,
Сары кан кирди күркүрөп,
Касташканын кыргын деп,
Жооңо айза ургун деп,
Калың кара жедигер
Как жарылды дыркырап,
Канчоро, Кыяз – эки арам
Зордуктап айдап жүрөт деп,
Буу Сары кан баатырга
Муңун айтты чуркурап,
Жети-Суу жаттык жер жайлап
Жеткилең шердин уулу деп,
Эки арам айдап келди кембайлап,
Жети-Сууда жедигер
Эр Манас канкор барында
Эркин жаткан жер эле.
Жети-Сууда жедигер
Желп этип шамал тийбеген
Эркин жаткан эл элек,
Кымыз ичип кыз ойноп,
Багалак тартып, ордо атып,
Чатыраш ойноп, даң салып,
Кунан минип, куш салып,
Биз да кутуруп жаткан эл элек.
Жети-Өзөндөн чаң чыкты
Канчоро, Кыяз кан чыкты
Кара баскан эки иттин
Добушунан жан чыкты.
Же кылычка таккан бообуз жок,
Кызыл чоктуу кытайдан
Кырылышаар жообуз жок.
Манастын уулу баатырда
Жартылуу акча дообуз жок,
Калың кара жедигер
Каптоого калып жолугуп,
Жапаа тартып турабыз,
Биздин каныбыз акмак болуптур,
Калың кара жедигер

www.bizdin.kg



Эмине айла кылабыз?
Оо дүйнө кеткен баатырга
Ок аткан киши оңорбу?
Караалды кылган каңкорго
Кармашкан эки болобу?
Этегинде катың бар,
Эл арытып, көп көргөн
Сары кан деген атың бар,
Биз кетели жер тапкын,
Баатыр, бизди багычу эр тапкын,
Баатыр, жедигер колу дебеңиз,
Каарың келип какайып,
Мына кылмышсыз куртту жебеңиз.
Сенин кармашарың Канчоро,
Өзүңө жакын иниңиз.
Жаңжалың салсаң мыктап сал,
Мурун иниңизге тийиңиз,
Калың кара жедигер
Арам-адал экенин
Андан кийин билиңиз.
Тетиги Багыштын уулу эр Кыяз –
Адагы өзүңүздүн иниңиз,
Өзүнөн-өзүн салышып,
Өлчөңүздү билиңиз.
Кан болсоң тилди алыңыз,
Кан экениң калп болсо,
Каарың келип какайса
Калың кара жедигер
Мынакей кырып салыңыз!»
Муну укканда Сары кан
Эбедейи эзилип,
Эт тырмагы созулуп,
Айткан сөзү кеч болуп,
Канчоро менен эр Кыяз,
Экөө душман экен деп,
Бир беттешип кетүүгө
Эки көзү төрт болуп,
Сары кан алган Жойкума
Уңгусу-төртөө, мизи – миң,
Урушка калган чоюнбаш.
Шилтегенде кан чыккан,
Тарта электе жан чыккан,
Ач билекте чоюнбаш
Түсү суук, өзү заар,
Борумун көрсөң оолак кач!
Бүлдүргөсү бурмалуу,
Бөлөкбай уста кылганы.
Колундагы чоюнбаш
Капыя душман экен деп,
Көрүп кала жаздапмын,
Калың журт саа катылып,
Жети күндүн – бири өлүм
Мүшкүлгө бөөдө чатылып,
Өлүп ала жаздапмын.
Кылмышсызга катылып,
Олок болмок экемин,
Кыйла сөзгө кайран баш
Чолок болмок экемин.
Талыккан жок Сары кан
Таштан ачуум чыксын деп,
Опол-Тоодой кара таш
Кармай калып имерди,
Каң дегизе ал ташты
Чокмор менен Сары кан
Салып келип жиберди.
Чокморунан чок чыкты
Как жарылып быркырап,
Кара таштан от чыкты.
Астынан качып жан чыкты
Тоотору менен толукшуп,
Тоодой Кыяз ал чыкты.
Эр Кыязды көргөндө
Эми ошондо Сары кан
Уңгусу болот сыр найза,
Учмакты* болот сыр найза,
Күркүрөтө сунду эле,
Жоого камбыл Сары абаң
Тооторучан Кыязды

www.bizdin.kg



Оң далынын бети деп,
Омуртка сөөктүн чети деп,
Өлчөө колко тушу деп,
Кун куучу Кыяздын
Өлүүчү жери ушу деп,
Жетип айза сайды эле.
Сары кан мүшкүл баштады,
Тооторудан тоңкоюп,
Тоодой болгон чоң Кыяз
Ыргып кете жаздады.
Ээринен арт кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Эки өңүрү салактап,
Эки көзү алактап
Чымырканып күйүнүп,
Жедигердин эр Кыяз
Эми чымындай жандан түңүлүп,
Тооторудан далбайып,
Кыяз кулап кетерде,
Жедигердин эр Кыяз
Ажалы анык жетерде,
Жаштыгы кетип эр Кыяз
Заманасы куурулуп,
Каарланып бакырат.
Мунун каралдысы Канчоро,
Кутургур жайы ушундай –
Курдаш ай, деп бакырат.
Чубак уулу Канчоро
Астындагы мингени –
Көбөш кандын Көктелки
Көктелки оозун буруптур,
Кулду Кудай уруптур,
Тооторудан барбайып,
Кыяз жерге жетет деп,
Бу кыйланы кылган Сары таз
Түбүнө бөөдө жетет деп,
Башын кесип барбайтып,
Өлүм кылып кетет – деп,
Курч болотту колго алып,
Кутурган кул жетиптир
Сары кандын айзасын
Орто белден оңбогур
Үзө чаап өтүптүр.
Мына ошондо Сары кан
Канчоро душман экен деп,
Абаңдын көөнү тарыган,
Өөдө-төмөн карабай,
Өкүрүгү таш жарып,
Өлүмдөн жанын аябай,
Кыргынды кызык баштады,
Кызыталак куу жанды
Кылга байлап таштады.
Тегерегин карабай,
Тегиз экен Сары кан
Теги жанын аябай
Атаңдын көрү, арам кул
Кааданын барын унутуп,
Казанга сийген жаман уул!
Бу Семетей эр султан –
Ээрчитип жүрүп эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган.
Кичинеден чоңойткон,
Жаман жанын оңолткон,
Суурса өткүр курч кылыч
Билегиңе илдирди,
Аргын менен кыргызды
Кыймылдатпай билгизди,
Бет алышкан душмандын
Үстү менен жүргүздү,
Тоюңа токсон сойгузду,
Калк атасы болсун деп,
Кармашкан жоосун сойсун деп,
Баатырлыкты салсын деп,
Ар балакет шум сөзгө
Кыргызды тозуп калсын деп,
Канга ылайык атайлап,
Канчоро атка койдурду.
Теңселип душман бузгусуз

www.bizdin.kg



Темир кашаа чеп кылды,
Ай-ааламга угулган
Канчоро сени бек кылды.
Жая менен казынын
Жакшысын кесип жедирди,
Жатындаштай болом деп,
Энесинин эмчегин
Арам уул, сага эмизди.
Кулак угуп, көз көргөн,
Калың журттун баарына
Качан балан дедирди?
Белиңди бекем буудурду
Алты-Шаар, Маргалаң
Аягы Кокон, Самаркан
Булардын баарын буй кылып,
Атаң Чубактын кунун куудурду.
«Бүтпөс Чубак куну» – деп,
Калайык чуулап, зар ыйлап,
Көбү уйгур, Маргалаң
Көргөн журттун баары ыйлап,
Канчоро сени баптады
Атаңдын артык Семетей
Канчором сени бакканы.
Бүгүн көргөн эртең жок
Ата, балам Канчоро,
Акылың тайкы, ичиң бок,
Өз агаңа ок аткан
Ааламда сиздей акмак жок.
Күркүрөгөн энеңдин
Күмүшү болду көмүрчө,
Күүлөнүпсүң Канчоро
Күйгөнду билбей семирсең,
Манастын уулу көкжалдын
Алтыны болду көмүрчө,
Башына балаа чыр салдың
Атаңдын көрү Канчоро,
Алганды билбей семирсе.
Каныкей айткан кеп эле,
Ээ, курган катын олуя
Түбүндө жүрсө түгөнгүр
Тууган болбойт деди эле.
Иш бузулуп, чыр чыкты,
Берен долу Каныкей
Бейбактын кеби чын чыкты!
Каныкейге тил алып,
Кечээ, Кара-Буура, Чаткалда,
Кайкалап кыргыз жатканда,
Боорткодо кезинде
Карагаттай көзүңдү
Оюп салбай не болдум,
Кармап алып кылычтап,
Союп салбай не болдум!
Кыялды кызык баштабай
Кызыталак кутургур
Сени тындым кылып таштабай,
Калжыраппыз каныбыз,
Карган Бакай баарыбыз.
Балам, ини болуп көзүңдү
Кыскан болгон экенсиң,
Калмышында биздерге
Душман болгон экенсиң,
Кызыгын көрдүм Семетей
Этейин деген экенсиң,
Кыйындап жүрүп түбүнө,
Жетейин деген экенсиң.
Сен кыйрыңды таштап кутургур
Жедигердин элине
Кетейин деген экенсиң.
Сен Жети-Өзөн барып жатпассың,
Жетигиңе ок атып,
Жердигиң арам болгон соң,
Жедигер барып батпассың!
Сен адырга бойлой конбойсуң,
Азыткы арам болгон соң
Азили түбү оңбойсуң!»
Деп, ошентип, Сары кан
Тунарып көзү кайнады,
Кадоо сындуу кашка тиш

www.bizdin.kg



Таруудай бөлө чайнады.
Чылгый ичи өрт-жалын
Чыдай албай Сары кан
Үтүрөйүп үксөйүп,
Кайраты толук түктөйүп,
Күр-күр этип бөлүнүп,
Көк арсландай көрүнүп,
Көрсүң түрү ушундай.
Кызыл мунар туу алып,
Кыйгактуу түпөк айза алып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кыйындыгы момундай –
Жаратканга жалынып:
«Жаның чыккан жедигер
Туу чунакты минейин,
Тууганым деп карабай
Бул итти туш-туш жакка сүрөйүн!
Атышты арбын салайын,
Артыгым көкжал төрөнү
Ажал, балаа, азаптан
Ажыратып калайын!»
Мурутту булкуп ыргытып,
Сакалды жулкуп зыргытып,
Агарып сакал суюлуп,
Азелде жанын аябай
Чиркин эки көздөн аккан жаш
Акирек ылдый куюлуп,
Туучунагын туйлатып,
Сары кан келди согушка
Тушукканын кыйратып,
Кыраңдын баары бакырык,
Кыжылдаган сан колду
Кыйын экен Сары кан
Кайра айдады сапырып.
Калтырбастан дүргүтүп,
Кашатка айдап барды эле,
Тоо жоголгон урчуктан
Тоотору менин калдайып,
Кыяз кул чыгып калды эле,
«Бу калың журтта не жазык,
Кара кыял дүмбөкү*
Мунун каны акмак эмеспи!
Багыштын уулу Кыязды
Балталап башын алайын,
Менин байыркы чамам бар болсо,
Бу кутуруп өлгөн акмакка,
Жеткизе согуш салайын.
Жети-Өзөндөн кайрылып,
Келбегендей кылайын,
Жаңжалдашып жаманды
Же кайра келбегендей кылайын!
Айры белес, ач кайкаң
Ашпагандай кылайын,
Кол дүрбүтүп Таласты
Баспагыдай кылайын!»
Тууралanып Сары кан
Туучунак оозун бурду эле,
Күрдөлүү мыкты сыр найза,
Эр Кыязга карата
Күркүрөп айза сунду эле,
Мына ошондо эр Кыяз
Сары канды көргөндө
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Боконосу болкулдап,
Чыдай албай эр Кыяз
Чымындай жаны солкулдап,
Чамаа чарчап, ал кетип,
Ээр белдей белести
Ашып чыкты эр Кыяз,
Сары абаңа жеткизбей
Качып чыкты эр Кыяз,
Асыл жандан түңүлүп,
Түрү кетти эр Кыяз,
Ал Канчоро баатырга
Тирүү жетти эр Кыяз.
Канчорого барганда
Атышты арбын салды эле,

www.bizdin.kg



Калың кара жедигер
Каптап кирип туш-туштан
Каны Кыяз баатырын
Ажыратып калды эле.
Каарланып Сары кан
Кайыптан акыл табылып.
Эси кетип, эр Кыяз
Канчорого жалынып:
«Ары курдаш, ары дос
Айла кетти акыл кош!
Ай караңгы түн болду,
Артыкча балаа күн болду,
Чама чарчап, ал кетти,
Акыл качып минетти,
Өзүм Кыяз болгону
Кыяз атка конгону
Каза жетип өлбөгөн.
Кайран Кыяз жан достуң
Калктан мындай көрбөгөн,
Өңгөчө кыйын эр көрдүм,
Өнөгүн жанга бербеген,
Адамдан бөлөк сөзү бар,
Чөйчөктөй болгон көзү бар,
Балбан да экен, шер да экен,
Мендеден ашкан эр да экен,
Астында тулпар малы бар
Жедигер түгүл кылымды
Соро турган алы бар,
Сары кандын жанында
Алты сай жерден оп тарткан
Оңой окшойт кара Маар.
Сары канды көргөндө
Тула боюм дүркүрөйт,
Тутанып өлгөн көмүрчү
«Доогу» сындуу күркүрөйт,
Кармашып адам баргысыз,
Кабылган тирүү калгысыз,
Түп көтөрө жедигер
Каптап алы жеткисиз,
Калкайыңкы тазыңа
Кармашкан аман кеткисиз.
Балбан да экен, шер да экен,
Ааламга татыр эр да экен,
Жедигер алы жеткисиз,
Алсыз кылып адамды
Алда таала кудурет
Не үчүн пендем деди экен!
Айланайын кан курдаш,
Сары кан беттеп барбаймын,
Саат баскан чочкодон
Салышсам аман калбаймын,
Кутургур беттеп барбаймын,
Беттешсем аман калбаймын,
Ар жаралган адамдан
Артык экен салмагы,
Алышкан аман калабы?
Беттеп менде жеңеби?
Беттешкен өлбөй келеби?
Кул камандай таз экен
Күрөшчү киши аз экен,
Аалам бузган балбандай.
Чымчыкча жулуп бу башты
Чындачу болсо Сары кан
Кисесине салгандай,
Беттеп адам баргысыз,
Менде азарын салгысыз,
Кыйласынан эр мыктуу
Калкка кабар салалы,
Калтырбайлы баатыр деп,
Сары кандын алдына
Багынып жатып калалы.
Кишиден бөлөк сөзү бар,
Адамдан бөлөк көзү бар,
Багындырып ушуну
Алып келген сен Семетей
Баатырыңар кандай жан?
Сары кан чыкса күүлөнүп,
Баатыр кетти биздин ал.

www.bizdin.kg



Чатакташпай, чырдашпай
Кайтышалы кулак сал,
Калың элди кырдырбай
Аман-эсен туралы.
Жаным курдаш, кулак сал,
Жети-Өзөн аман кайталы
Сары кан абам алдына
Тоорону тарталы.
Теңелишип этели,
Жерөжерге аман кетели».
Деп, ошентип, эр Кыяз
Сары кандан эң чочуп,
Чубак уулу Чорого
Ушунтип кеп урду эле,
Канчоронун алдына
Кыяз кебин кылды эле.
Безге сайган немедей,
Муну укканда күүлөнүп,
Ыргып түштү Канчоро:
«Атаңдын көрү, Сары кан
Көмүр өчүргөн таз эле.
Улуктугу, кандыгы
Төмөн менден аз эле,
Сары кандан корккуча
Көрсөң кантет жедигер?
Түгүң калбай кырылып,
Өлсөң кантет жедигер
Жети-Өзөн сенин жериңдир,
Жер экен деп турганың.
Жерге кирген сен Кыяз,
Сени мен эр экен деп тургамын.
Жаңылдык, кулдук кылдым деп,
Канкорго кайра кетейин,
Карай тургун жедигер,
Сенин түбүңө минтип жетемин.
Олжолоп атың мингизип,
Манастын уулу көкжалга
Тартуу кылып барармын,
Эптеп-септеп элдешип,
Мен элдешип алармын.
Жедигер сенин айлаңды
Андан кийин табармын,
Сүрөөн болдум болбойсуң,
Жедигер чочко оңбойсуң,
Кайрат берсем болбойсуң,
Түк жедигер оңбойсуң.
Сары кан кыйын экен деп,
Отунчу таздан коркосуң.
Мерген да элең, эр да элең
Мергендигиң ашыргын
Жадаалын салып эр Кыяз
Жалгыз жолдун жалпак таш
Жалпак ташка жашынгын
Жалпак ташка жашынсаң,
Адам билбес сөзү бар,
Айтса далай кеби бар,
Эки көздүн ортосу
Аяктай кызыл меңи бар
Кызыл менден байлай ат,
Кызыталакты жайлай ат!
Минтип жайлай атпасаң,
Айза сайса өтпөгөн,
Очогор атса тешпеген,
Бараң огу батпаган,
Берендиги дагы чын.
Чынмачын, какан, Бейжинде
Өрдөгөнү дагы чын.
Өнөгүн жанга өрттөнгүр
Бербегени дагы чын.
Найзакерден Сары таз
Ургандыгы дагы чын,
Туу түбүнө тутангыр
Тургандыгы дагы чын.
Бу Сары кан жоголбойт,
Сары кан жок болбосо,
Жедигер иши оңолбойт.
Бу Сары кан баатырдын
Айласы тегиз капырдын

www.bizdin.kg



Ар кылганы бар эле,
Аргындын мыктуу каны эле,
Эрен эле, шер эле,
Кагышкан жоого киргенде
Туу кармаган неме эле.
Кабарын уккан дүрбөгөн,
Кагышпай карап жүрбөгөн,
Тынчып жерге жатпаган,
Отко салса күйбөгөн,
Сууга салса батпаган,
Баатырлыгы башкача
Бел экени чын эле,
Белге таңуу Сары кан
Эр экени чын эле.
Акылы жетет алыстан
Арта тууган даанышман
Ар бир жоого катылса,
Жеке чыгат жарыштан,
Белге таңуу Сары кан
Туучунак тулпар малы бар,
Ай-ааламды Сары кан
Буй кыла турган алы бар,
Көзү көргөн алыстан
Көп душман жадап салышкан,
Ободо жылдыз болжошу
Ойрон Семетейдин жолдошу,
Атаңдын көрү эр Кыяз
Мына көргөзүп койгон жерге ат,
Көнөктөй жалгыз меңге ат,
Тегерегин караба,
Адам болсоң, шер болсоң,
Баатыр Кыяз сен болсоң,
Ошол мен көргөзгөн жерге ат,
Сары кандын өлгөнү,
Ал Сары кан өлгөнү,
Бизге Кудай бергени,
Ал Сары кан өлбөсө,
Өлбөгөндөн калышат,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзам кулу учкуча,
Кутурган кул салышат.
Өмдөп адам жеңбеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Сары кан жайы момундай».
Күүлөнгөндөн сүйлөнүп,
Канчоро турду күрүлдөп,
Кыяз турду жөн эле.
Эси чыгып Кыяздын
Бүткөн бою зирилдеп.
Каарланып сабылат,
Алапайын табалбай
Адам Канчорго жалынат:
«Айланайын Канчоро
Баашалуу калаа, жер мына,
Башымды алсаң мен мына,
Калаалуу огой жер мына,
Баатыр, канды төксөң биз мына!
Мөндүрдөй чапсаң, баш мына,
Айттым, тилим алыңыз
Билгениңдей чыр кылып,
Атсаң, өзүң табыңыз,
Айласын өзүң табыңыз,
Акылын өзүң кылыңыз.
Жети-Өзөндү жердеген
Жедигер калкы чогуу эле,
Мындай мүшкүл балааны
Түк көргөнүм жок эле,
Очогор алып жатыңыз,
Өз билгениңдей атыңыз.
Сыр билбес жоого жумшасаң,
Шылтоо болор мунуңуз,
Сыр алышкан Сары кан
Сырттан экен мунуңа
Өзүң айла кылыңыз»,
Деп, ошентип, эр Кыяз
Тизе жерден бүгүлүп,
Тооторунун үстүнөн
Ыргып түшүп жүгүрүп,

www.bizdin.kg



Ак жылкыдан боз болуп,
Ободон жылдыз козголуп,
О дүйнөлүк дос болуп,
Коюбуз бирге короолош,
Табылган болсо жыйгандаш,
Бололукбу курбылдаш,
Амалын өзүң алыңыз,
Айласын эптеп табыңыз,
Жети-Өзөн бизге жер эле,
Жедигер бизге эл эле,
Баатыр, эки тизгин, бир чылбыр
Эптеп колго алыңыз,
Жети-Сууда жедигер
Баатыр, өзүң ээ болуп калыңыз,
Убал-сообу болобу?
Баштык болуп алыңыз,
Бу Сары кан балбандан
Балбан болсоң, шер болсоң
Эсебин эптеп табыңыз».
Деп, ошондой деген соң,
Айткан кебин эп көрүп,
Алган Чоро баатырың
Очогорун байланып,
Жоо-жарагын камданып,
Мына ошондо Канчоро
Айзакерден Чоронун
Ыктуулугу бар эле,
Адис мерген Чоронун
Мыктуулугу бар эле,
Айла тапкыч Чоронун
Ыктуулугу бар эле,
Көз жетпеген Таластын
Белин тозуп калды эле,
Сары кан келчү кайкандап
Жерин тозуп калды эле.
Мына ошондо Сары кан
Айта-буйта дегиче,
Ачып көзду жумгуча,
Каарланып кабалбай,
Кайгыргандан кан абаң
Семетейди таба албай,
Мына ошондо Сары кан
Берендин бейли тарыган
Беттегенин билбестен
Белге чыкты Сары кан,
Аңдыганы Канчоро,
Жерге чыкты Сары кан,
Ал Канчоро баатырга
Арамзаада капырга,
Сары кан барды жакындап.
Ээр белди ашарда
Адыр-күдүр ак кайкаң,
Асты жагы чоң тайпаң,
Ары таман барганда,
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз аттын чубама,
Чубамалуу кысыкта,
Алачыктай кара таш
Жөөлөп өтчү кысыкта,
Ал Канчоро баатырдын,
Арамзаада капырдын
Мергендикке тазасы,
Бет алганды жоготкон
Беренелүү машасы,
Беттеп кирди Сары абам,
Журт коргону Сары абам,
Беттегени эр Кыяз
Кыяз менен алышты.
Канчоронун болот ок,
Сары кандын чекеге
Ажал огу жабышты.
Чүчтө сындуу ак сакал
Омуроого жабылып,
Белдүү каны Сары абам
Белеске башы жарылып,
Каны кетип дыркырап,
Кан Сары кан абаңдын
Жаны кетти чыркырап,

www.bizdin.kg



Сары кандын өлгөнү,
Кайра тартпас жер алдын
Кайран киши көргөнү.
Тон-тоноосун алгыча,
Ал Сары кан баатырдын
Жетип өлүм салгыча,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Көөдөнгө батпайт көп санаа:
Көкжал абам өлбө деп,
Көзүнүн жашы он талаа.
Ай, Сары кан, абакем
Адырда калдың жаманат,
Алаткүн, абам, ала жат!
Колотто калдың жаманат,
Кокуй, күн абам, ала жат!
Жазайылды чойгулап,
Кайран абам өлдү деп,
Бу Канчоро капырдан
Мындан кордук көрдү деп,
Өкүргөндөн өкүрүп,
Башын өзү койгулап,
Күңгүрөнүп көп ыйлап,
Күлүстөн абам деп ыйлап,
Кабырга сөөк сөгүлүп,
Чылгый ичи жалындап,
Чымындай жаны бөлүнүп,
Таалайлуу эле, шер да эле
Сары кан, Бакай эки абам
Таласка бүткөн туу эле,
Туу түбүнөн кулаган
Бүгүн Сары кан абам сулаган,
Кезигерге кезикпей,
Келберсиген кан абам,
Кешигиң мындай каттыбы?
Жолугарга жолукпай,
Жолумдуу тууган кан абам
Жолуң мындай каттыбы?
Жети-Тоонун куюлуш
Боз чалкактай кан абам
Жер кучактап жаттыбы?
Душман ашпас бел эле,
Козголбой турган эр эле,
Эркек ашып, катын тууп,
Абаке, сендей эр көкжал
Дүйнөгө келбейт деги эле».
Оң бөйрөгүн таянып,
Күлүстөн абам – деп ыйлап,
Сол бөйрөгүн таянып,
Менин солтонум абам – деп ыйлап,
Түнөрдү дүйнө бүркөлүп,
Күлчоронун башына
Түнөргөн дүйнө бир келип,
Каарланса кайран эр
Кабагы түшүп бөлүнүп,
Жети күндүн бири өлүм
Атаңдын көрү, жалганчы
Кабака түшүп бөлүнүп,
Ай, Сары кан абакем,
Ак сакалы чүчтөдөй,
Устукан сөөгү мистедей,
Улук да эле, шер да эле,
Абакем урушка тууган эр да эле.
Кармаштан өлсөм Күлчоро
Менин уулум көмөр дечи эле.
Жылкыдан тулпар Туучунак –
Туучунак атты соёюн.
Кан Сары кан абамды
Колум менен коёюн
Кан кеткенден ал кетип,
Кубарып жүзү оңуптур,
Айтылуу кыргыз-казагы
Абакем өлүм болуптур.
Көмүлбөй калса Сары абам
Толтодой эки кызыл бет
Көк жору чукуп оёт деп,
Эсил абам Сары кан
Айбанат богу болот деп,
Карындан чокуп калдактап,

www.bizdin.kg



Тазкара капыр учат деп,
Устукан сөөгүн ушатып,
Көкжалдан бөрү тытат деп,
Кан-жинин шимшип кыңшылап,
Түлкүлөр капыр чычат деп,
Кабар берип жырткычка
Куркулдап кузгун учат – деп,
Шамдагайы болжолсуз
Берен тууган Күлчоро:
«Курган абам Сары кан
Кубарып жүзү оңду – деп,
Жаа кесип, бал берген
Туугандан өлүм болду – деп,
Казанга сиер туз арам
Капырдан өлүм болду – деп,
Көктөбөй калган ылайым
Жакырдан өлүм болду – деп,
Ыраак бир эмес, өз тууган
Жакындан өлүм болду» – деп,
Деп, ошентип, Күлчоро
Белден кармап бүктөдү,
Олжого кеткен Тууччунак
Бу кайсы бир малга жүктөдү.
Айланып ыйлап ала албай
Алмамбет уулу Күлчоро
Алапайын табалбай
Өксөп ыйлап өлө албай
Өз жанды өзү кыя албай
Байкуш тууган сында жок,
Качып кирер токой жок,
Кара кылган ногой жок,
Кыйын мүшкүл сында жок,
Кызырлуу кыргыз мында жок,
Булкулдап басып аянып
Алтын жаак айбалта
Айбалтаны таянып,
Алапайын таба албай
Алаңгир болуп турду эле,
Ошондо коктудан туман табылып,
Тоо-тоонун башына
Оркоюп булут жабылып,
Туш-туштан шамал-жел болуп,
Чөп силкинип кыбырлап,
Бөксөнүн баарын мөндүрлөп,
Асмандан алты сай мөндүр
шыбыргак.
Атадан жалгыз Күлчоро
Күн бузулуп, жер көчүп,
Күңгүрөнүп Чоро турду эле.
Аргын кыргыз эли жок
Беренсиген шер Чоро
Айласын таппай турду эле,
Адам, кутпа жагын караса –
Жылкы ичинде Бозайман
Айбандан эстүү жаныбар
Улутунуп, ич жыйып,
Жылкыдан качкан бөлүнүп,
Жылкы ичинен жаныбар
Салып жетти жаныбар.
Күлчорого көрүнүп,
Куйрук-жалы бөлүнүп,
Кулжуңдап кулак жапырып,
Токмоктоп жерди сапырып,
Куландай мойнун бургулап,
Окуранып жер чапчып,
Токмоктоп жерди койгулап,
Куйругу-жалы төгүлүп,
Касиеттүү карандын
Камбар-Ата экени
Чын көзүнө көрүнүп.
Бозайманды көргөндө
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Баркылдаган Бозайман
Бабасы Манас кандай көрүнүп.
Окуранып кишенеп,
Жерге башын салды эле,
Кадырлуу Сары каныңды
Тегеренип алды эле,

www.bizdin.kg



Айгыр минтип турганда,
Таң билбейбиз, чын болсо,
Көбү жалган, көбү чын
Көрүп келген бир жан жок.
Жомок кылдык эрмекке,
Жоголуп кеткен шерлердин
Жоругун айтып бермекке,
Жармы төгүн, жармы чын,
Жанынан келген бир жан жок
Бул Жараткан өзү билбесе.
Мына ошондо Бозайман
Куйрук-жалы бөлүнүп,
Айтайын десе тили жок
Окуранып жаныбар
Көздүн жашы төгүлүп,
Кең Таласка конгондо
Өзөңгө мал толгондо
Акылманы Сары кан
Жылкы жайып оолуккан,
Асый чыкма Айманбоз
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде
Кайыбынан кабылган.
Асый чыкма кезинде
Сары канга табылган,
Башына була байлаган,
Айгыр салып камдаган.
Айгыр карап бээ тууган
Бозаймандын өзүнөн
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек
Кармашка минер ат тууган.
Куйругу кучак, жалы бар,
Өлчөсөң мындай жаныбар,
Боз айгырды көргөндө
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап,
Жер силкинип, чөп ыйлап,
Баягы, Күлчоро байкуш көп ыйлап.
Ал Сары кан абасын,
Атадан артык бабасын
Алышып жүрүп өлгөнүн,
Кутургурдан көргөнүн,
Белинен кармап бүктөдү,
«Бек арслан абам өлбө» – деп,
Мынакей Бозаймангa жүктөдү.
Кайнардын кара көзүнө,
Как чынардын өзүнө,
Төрт-Күлдүн төмөн жагына,
Төрө кандардын сайган багына,
Жылгындуунун бетине,
Кең-Колдун берки четине,
Кең-Шордун төмөн оюна,
Тал-Мазардын боюна,
Кемегедей бир жерди
Кемире чаап ойду эле,
Көргөзбөй жүзүн жашырып,
Сары канды койду эле.
Арманын айтпай калбады
Бозаймандды айдады,
Аңырандап кишенеп,
Оңбой койду боз айгыр,
Сабаса баспайт болоктоп,
Болбой койду боз айгыр,
Тулпар мойнун бура албай
Туруп алды боз айгыр,
Кулaндай мойнун кутпага
Буруп алды боз айгыр,
Айдаса баспай аңгырап,
Туруп алды боз айгыр.
Эмесе, мурунку мыш-мыш чын болсо
Жаныбарым боз айгыр,
Абакем Сары канды тозо бар,
Жолдоштошуп жаныбар
Абакем менен кошо бар,
Тирүү калып кыл базар
Кылымдан чыкпайт сендей мал,

www.bizdin.kg



Балбан тууган Күлчоро
Кулагы менен көкүлүн
Кошо кармап алды эле,
Коркуратып айгырды
Ошол турган бойдон чалды эле.
Ата, мыктуу тууган балбан шер
Ошол башын кесип салды эле,
Сары канды койгуча,
Боз айгырды сойгуча,
Муну мындай таштаңар.
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жаның чыккан Канчоро
Ошондон кабар баштаңар.
Жедигер жыйып кол айдап,
Жер майыша мол айдап,
Колдун алды бакырык,
Козголгон чууну караса –
Канчоролоп чакырып,
Мыктуу жыйып, кол айдап,
Азгана эмес, мол айдап,
Колдун баарын чогуу айдап.
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жабылган экен этүүгө
Баягы кайкаңдагы султанды
Тегеректеп кетүүгө,
Өлгүчө согуш салууга,
Өчмөнтөй кегин алууга,
Күйүттүү күндү салууга,
Эр Семетей көкжалды
Курмандыкка чалууга.
Калың кара жедигер
Кашатчасы бакырык,
Кадыр Алда кудурет
Калбай баары ат койгон
Жер жайнаптыр жедигер
«Кыяздап» ураан чакырып.
Кол козголуп, эл чуулап
Белгилүүсү бетинде
Берендери четинде
Кармап жанчып кеткин – деп,
Баягы Канчоро акмак артында.
Кол чуркурап чуу туруп,
Доолбасты карс уруп,
Сурнай кулак тундуруп
Барабан үнү бакылдап,
Баягы баатыр жерге жакындап,
Кол чуу туруп барды эле.
Алмабеттин Күлчоро
Каптаган колду көргөндө
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Чындап белди курчанып,
Чыдай албай кургурдун
Чылгый ичин өрт алып,
Айза кармап камданып,
Кынсыз кылыч байланып:
Кылычы жанды аябай,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көр дүмөктүү ажал иш
Көкжал тууган чоронун
Көзүнө жакын көрүнүп,
Эми күмүш көздүү, күн жүздүү
Күркүрөгөн абаңды,
Баана кылган караанды,
Бадыша султан абаңды,
Калың кара жедигер
Каптап атса болушпай
Кай муразга жетейин.
Каргылуу тоодой абама
Ошондон мурун мен өлүп,
Курман болуп кетейин.
Алышып жүрүп кайрылып,
Баанасы кымбат сан колдой.
Караанымдан айрылып,
Кай муразга жетейин.
Жая кертип, жал берген,
Курсак ачса май берген,

www.bizdin.kg



Жоого кайрап баптаган,
А дүйнө кеткен Алмамбет
Атамдан артык сактаган,
Жаш алтына келгенде
Моюнга тумар тактырган,
Эпсиз көкжал болсун деп
Эркелете бактырган,
Ээрчитип жүрүп эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган,
Чыны Какан, Бейжинди
Чын аябай чаптырган,
Кара көкжал шеримден
Айрылып кантип каламын?
Кайран көкжал эримден
Карандуу канкор абама
Бекер кантип өтөмүн?
Жедигер түмөн, мен жалгыз
Жети айга тынбай урушуп,
Кырылыша кетемин.
Топтоп кирген жедигер
Тозуп айза сунайын,
Токсон күн тынбай урушуп,
Тозоктуу каар салайын.
Берен абам шеримди
Ажыратып калайын,
Алдуусун айдап соёюн,
Табылбаган көкжалга
Астына курман болоюн!»
Деп, ошентип, Күлчоро:
«Алдууларын айдайын,
Атаңдын көрү, жедигер
Жоо аяган жарадар.
Ат аяган талаада,
Кылмышсызын кыйратып,
Кыргын кылып иейин.
Кыйынсынган жедигер
Жети-Өзөн көздөй түрөйүн,
Жакетай кулдук дедиртип,
Азабың анык жедиртип,
Өлгөнүнөн калганын
Акебай кулдук дедиртип,
Кыргынды кызык салайын,
Кыяз менен Канчоро
Бирөөнүн башын алайын.
Абакемдин алдына
Курман кылып чалайын.
Абакем көзү турганда
Бир согушту салайын,
Канын суудай агызып,
Кетүүчү кегим алайын.
Көзү тирүү турганда
Көкжал абам төрөмө
Курман болуп калайын.
Курган Чором дедиртип,
Атышты арбын салайын».
Деп, ошентип, Күлчоро
Билеги жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Кынсыз кылыч байланып,
Жолборс тууган шер Чоро
Кайра бороон болчудай,
Кабылган жанды сойчудай,
Каары бетине айланып,
Арысландай чамынып,
Айбаты мыктуу көкжалга
Астынан акыл табылып,
Ачууланып күркүрөп,
Айбатына жан турбай
Адамдын баары дүркүрөп,
Каарланып күркүрөп,
Кайратына жан турбай
Көргөндүн баары дүркүрөп.
Көрсөң Чороң момундай
Шайдандаган шер Чоро,
Шамдагайы болжолсуз
Шакылдаган эр Чоро.
Эки жагын каранып,
Көрсөң көкжал Чороңуз

www.bizdin.kg



Эрди-мурдун жаланып,
Ары балбан, ары шер
Ылаачындай ыктуу эр
Ай-ааламды буй кылган,
Беттегенин чуу кылган,
Кыйкырып кылыч колго алса
Катылыша кеткенди
Кара канга боёгон.
Ааламда мыктуу экен деп,
Сынчы сынап жорогон,
Кыйкырып кылыч шилтесе,
Адамзаат мендеси
Арбынырак корогон,
Атагын угуп былкылдап,
Тетиги Бейжиндин журту кологон.
Бет алып айза сунганда
Менденин баары сойлогон,
Бу кулак угуп, көз көргөн
Чородой мыктуу болбогон.
Күлчоро жайын сурасаң
Сөксөөлдүн кызыл чогу эле,
Жазанын болот огу эле,
Ары балбан, ары шер
Туулган адам уулунан
Туура чыкпайт мындай эр.
Ок өтпөстү курчанып,
Айры белес кайкандан
Абасы шерге жеткирбей,
Жер жайнаган жедигер
Кайра тозду кол салып.
Эңкейгенде эр сайып.
Эпсиз балбан чунак кул
Жыйырма-отуздан бир сайып,
Жеткен жерин найзалап,
Жетелүүсү кайдалап?
Катылганын найзалап,
Канкорлору кайдалап?
Жетик Манас барында
Жетиктер белек алсын – деп,
Белекке берген жети туу
Жети жерге орнотуп,
Жеткилеңи момундай
Жеткендерин сойлотуп,
Асылдар берген алты туу
Алты жерге орнотуп,
Айдап кырып сойлотуп.
Уңгусу болот, учу курч
Учтуу кылган сыр найза
Качырышып сунушуп,
Өлчөп жерге урушуп,
Карсылдашып турушуп,
Айза сунуп зыргытып,
Жедигердин беренин
Айза менен ыргытып,
«Жаке, кулдук!» – дедиртип,
Жан-жабылта жедигер
Айдап чыгып баратат,
Мыктуусунган жерлерди
Жайлап чыгып келатат,
Кармашканын калтырбай
Жайлап чыгып келатат,
Жан-жабылтып жедигер
Жайлап чыгып келатат.
Асыл тууган Чоронун
Арсландыгы көрүнүп,
Айза жерде төгүлүп,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү көрүнүп,
Муруттарын шыйпайтып,
Эрендин каны төгүлүп,
Жазайылды, буйрукту
Көрүп жаткан мындан көп,
Үркүп качып шашкактап,
Өлүп аткан мындан көп.
Чуулап кулак тундуруп,
Шашып жаткан мындан көп,
Айры белес – кайкаңды
Алапайын таба албай

www.bizdin.kg



Ашып жаткан мындан көп,
Айзасын жерге түшүрүп,
Асты эңкейип ала албай
Качып жаткан мындан көп.
Куюшканы үзүлүп,
Эчен күлдүк тулпардын,
Ээри кетип мойнуна
Эчен кыйын азамат
Эми өлүм болдук деп,
Качып жүргөн мындан көп,
Шашканынан бир-бирин
Басып жүргөн мындан көп,
Эчен күлүк тулпар ат
Ээри түшүп бооруна
Мойноп жүргөн мындан көп,
Ата, эсил кайран бир боорум
Баланча жайга өлдү деп,
Эми кайдан көрдүк деп,
Боздоп жүргөн мындан көп,
Жыланаяк, жылаңбаш
Өлөйүн деп, өлө албай
Акыл ойлоп ашырып,
Ай талаага кайран жан
Ар кайсы жерге жашырып,
Качып жүргөн мындан көп,
Күлчоро кыргын кылганда
Күнү-түнү тыным жок,
Былчылдашып турганда
Сары оору болгон эл да көп,
Сапырылган менде көп,
Алапайын табалбай
Айла кетип шашкан көп,
Чиркин жандан түңүлүп,
Эми өлдүк деп күйүнүп,
Кыргынды чоро баштаптыр.
Жалпы кара жедигер
Жаза көрүп жанынан
Жалпы кечип таштаптыр.
Жаман согуш жаңжалды
Жалгыз Чоро баштаптыр,
Жан-жабыла жедигер
Корголорго жер таппай
Койгулаш жайы ушундай,
Кирип кетер жер таппай,
Жедигер жаман шашыптыр.
Баатыры Кыяз, Канчоро
Тегиз бойдон чуу туруп,
Тебелей элди качыптыр.
Өрөпкүгөн жедигер
Экөөнү тепсей качыптыр,
Жедигер көрүп Канчоро
Кежиге чачы үксөйүп,
Кырып ийчү немедей
Кыйшаландап түктөйүп,
Каарын салып бакырып,
Качып бозгон көп колду
Кайра тозду сапырып,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Жедигерге сүйлөнүп:
Атаңдын көрү, жедигер
Кармаш кылам деп келип,
Качып бокту жедиңер,
Эки-экиден кеңешип,
Эми эмине дедиңер?
Айткан кепти унутуп,
Атаңдын көрү, жедигер
Капыр болгон экенсиң,
Чородон коркуп антаңдап,
Атаңдын көрү, жедигер
Капыр болгон экенсиң.
Күлчоро жалгыз, силер миң
Эркек эмес жедигер
Катын болгон экенсиң,
Калың кара жедигер
Калк эмессиң, капырсың,
Жети-Өзөн жатса күүлөнгөн,
Жекеге чыкчу түрлөнгөн,
Энтеңдейсиң жедигер

www.bizdin.kg



Эрен сендей болобу?
Сени эр деген киши оңобу?
Жети-Өзөндөй жеринди
Жер экен деп баргамын,
Ата, жерге кирген жедигер
Сени мен эл экен деп баргамын.
Көңүлүм калса жедигер,
Көчмөгүм арзан Таласка,
Күндө өрттөдүң ичимди.
Күйгүзүп ийген жедигер,
Бакылдаган жедигер
Баласын көрсөң минтесиң,
Баатырын көрсөң кантесиң?
Чоросун көрсөң минтесиң,
Чоңун көрсөң кантесиң?
Калың кара жедигер
Кара суудa ккме жок,
Канчороң карап турганда
Силерге каш кайтарар неме жок.
Кыргынды кызык салыңар
Кылча койбой оокатын
Такыр талап алыңар,
Узунча кара жедигер
Уруш кылып көрүңөр,
Семетейдин сан дүйнө
Так камчыга ченеп бөлүңөр.
Ашына апат салыңар,
Айныбай чаап салыңар,
Атсыз калган канкорду
Тегеректей барыңар,
Атасынан бабасын
Ырымы мынча карачы,
Атка балбан, жоого жок,
Айры белес кезенде
Аңкайып турган канкорду
Айзакерден ыктуулар
Айкырып айза салыңар,
Кыйыныңар карыңар
Кыргын тийген немедей
Кырылып кет барыңар,
Балбаныңар шериңер
Манастын уулу канкорду
Баарыңар каптап кириңер,
Айза сайып, балта уруп
Баарың тегиз кириңер,
Калың кара жедигер
Бу тилинди аласың,
Кыжылдаган жаман журт
Кыргын болуп каласың,
Бу тилимди албасаң
Жети-Өзөндүн боюна
Жерге-Талдын оюна
Кошундун туусун орнотом
Козголчу болсоң жедигер
Койбой баарын сойлотом.
Опол-Тоонун оюна,
Алды Анжыян, Тараша,
Кең талаанын оюна,
Кошун колун алдырам,
Койбой кырып калкыңа
Бир кыргынды салдырам.
Берен тууган Күлчоро
Белиме таңуу кыламын
Белсенип жатып жедигер
Түк эле тукум курут кыламын,
Ой-чуңкуруң түз кылам,
Ойнобогун жедигер
Баштыгың байлап албасам,
Баарыңы кырып салбасам,
Канчоро болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн!
Тууралanган жедигер
Тутанып өлгөн жаман журт,
Кана качып кетчи көрөйүн?
Аргындан айдап кол алып,
Кыргыздын колун мол алып,
Самсаалаган жедигер
Сары изиңе чөп салып,

www.bizdin.kg



Саргартып жүрүп кырбасам,
Жаралбай жалпы өлөйүн?
Жалбаңдаган жедигер,
Калбай бириң качып көр!
Качканыңды көрөйүн!»
Каарланып бакырып,
Калың кара жедигер
Кайра айдады сапырып,
Айдыңдуу тууган Канчоро
Камандай көзү кайнады,
Каалгадай кашка тиш
Карсылдата чайнады.
Журт чуркурап, чуу туруп,
Каарды Чоро баштады.
Чымындай жандан жедигер
Жөн эле, чогу кечип таштады,
Жетик экен Канчоро
Жедигерди сапырды
Жеп жиберчү немедей
Эр Кыязын бакырып,
Тоо торусун толкутуп,
Тоодой Кыяз келди эле,
Толкуп турган Канчоро
Толтура жинин көрдү эле,
Атаңдын көрү жедигер
Баатыр Кыяз деп жүрсөм
Жоо көрүнсө качуучу
Катын Кыяз экенсиң.
Сенин урушарың Семетей,
Өз дүйнөңдү өрөпкүп,
Чачканы турган экенсиң,
Өрөпкүгөн жедигер,
Өлчөсөм жаман бек уят
Сен качканы жүргөн экенсиң,
Бузулган экен көргөн түш
Кармашкан жерден калк качкан
Кылымда барбы ушул иш,
Кыйынсынган карыңар
Кыргын тийген немедей
Кырылып кет баарыңар,
Манастын уулу канкордун
Дарс окуган сабаты
Азыр кармап миниппи?
Буурул ат анын канаты
Боору кара, сырты көк
Өрттөнүп кеткен ал канкор
Каканды камап кайрылган,
Аманат нандын муразы
Ал Буурулунан айрылган.
Көөдөнүн каптап кан жеткен
Буурулунан айрылып,
Канкоруңан ал кеткен,
Аккелтени таянып,
Жөө калган табы эле,
Арбаңдаган канкоруң
Быйыл арам өлөр чагы эле.
Ал канкорду алып көтөрчү
Жараткан айбан жылкыда
Кандай тулпар бар эле?
Алакөөдөн ал канкор
Быйыл өлчү чагы эле,
Өлө турган себеби
Кырсыктын кыркы чалган кез
Буурулу колдон жоголуп,
Берекесин чачты эле,
Колдоп турган кырк чилтен
Боюнан оолак качты эле,
Айры белес кайкаңда
Арбайып жөө калды эле,
Балаа, каза дүмөк иш
Баатырды тегеректеп калды эле.
Атаңдын көрү, жедигер,
Каптап кирип уруш сал,
Семетейден кегиңди ал,
Кең-Колду чаап көчүңдү ал!
Келберсиген эр Кыяз
Кетпей туруп өчүңдү ал,
Таласты бузуп көчүңдү ал,

www.bizdin.kg



Атаңдын көрү жедигер
Талыкпай чаап өчүңдү ал.
Быйыл карагаттай кара көз
Оё турган кезегиң
Каандуу булоо май этке
Тоё турган кезегиң,
Быйыл канкордун уулу көкжалды
Соё турган кезегиң.
Арбайып турган канкорду
Чалкасынан өлтүрүп,
Салбайсыңбы жедигер?
Атасы Манастан калган көп дүйнө
Олжо кылып бөлүшүп,
Албайсыңбы жедигер?
Дүнүйө кенен экенин
Көрбөйсүңбү жедигер?
Сан казына, түмөн мүлк
Бөлбөйсүңбү жедигер?
Адам көрбөс чоң кызык
Көрбөйсүңбү жедигер?
Ашкан казат, чоң жаңжал
Салбайсыңбы жедигер?
Же айдай катын Чүрөктү
Өктөң калган эмеспи,
Олжо кылып ошону
Же албайсыңбы жедигер?
Тындым кылып канкорду
Кетпейсиңби жедигер?
Адырда жылкы ала баш
Аргымак, буудан аралаш
Аргымагын бир бөлүп,
Кетпейсиңби жедигер?
Козголуп качтың жедигер
Көптүгүң кайнап журт болуп,
Кайнадың калың журт болуп,
Береки Кара-Буура, Беш-Ташты
Ашып калган экенсиң,
Жапырылып жаман журт
Сен качып калган экенсиң.
Атасы Манас айкөлдөн
Алып калган колунда
Кызыл куйрук били бар
Калың кара жедигер
Кыжылдабай тилимди ал,
Кымбат сөз айттым, билип ал!
Кыядан ал көчүңдү,
Ээ, кыргын тийген жедигер,
Ар убактан бир убак
Кыжылдап качып каласың,
Алсаң боло өчүңдү!
Айтканымды билип ал,
Ай, жедигер, тилимди ал!
Айласын таап берүүчү
Мына Канчоро кандын көзү бар,
Качып калган жедигер
Күлчоро кууса кыжылдап,
Кана эмине дедиңер?
Эбин таап найзаңды
Эби менен сундурдуң
Чородон качып жаман журт
Эми белим сындырдың,
Калың кара жедигер
Какшаса укпай сөзүмдү
Калк болбосоң жерге кир
Карып кылдың өзүмдү
Жети-Өзөндүн боюнан
Жээлигип журт көп келдиң,
Же Манастын уулу баатырды
Каптап кетем – деп келдиң,
Калың кара жедигер
Канча балбан, дөө келдиң,
Ээ, калжыраган томаяк
Качарың билбей не келдиң?»
Дөбөгө түштү бакырып,
Өкүлдөдү Канчоро
Өрүктүн башын жапырып:
«Айбан чалыш жедигер,
Атышарың Семетей,

www.bizdin.kg



Дагы эмине дедиңер?
Жети-Өзөндө турганда
Алып союп таштайм – деп,
Күүлөнүп кеп баштайсың
Күлчорону көргөндө
Кыйла мүшкүл көрдүк деп,
Кыргын болуп өлдүк деп,
Айзаларың таштайсың.
Ашып-шашып антаңдап,
Атаңдын көрү, жедигер
Өрнөктү минтип баштайсың,
Жети-Өзөндө турганда
Жетип кунун алам – деп,
Мыктап алты ай салышып,
Былчылдашып калам – деп,
Күүлөнөсүң шашасың
Күлчорону көргөндө
Ителги тийген таандай
Караган көздөй качасың.
Жети-Өзөндө турганда
Жээлигесиң турасың,
Беттешкени келгенде
Алапайың таба албай
Акыл ойлоп шашасың,
Азыр кыргын болдук – деп,
Кай бетиң менен качасың,
Айттым кебим азыр бил.
Аңги чалыш эр Кыяз,
Эр болбосоң жерге кир!
Атаңдын көрү, жедигер,
Айттым ушул билип ал,
Аңкоо журтум тилимди ал.
Азыкка келген канча бээ
Акбоз бээ кармап соёлу,
Шайы бар эт, казыга
Баталашып тоелу.
Бөлүнүп качып жүргөнчө
Атаңдын көрү жедигер,
Бөрүдөй көпкөк бололу,
Бирликти коюп бир жерге
Атаңдын көрү жедигер,
Мылтык атып, жаа тартып,
Бет алып жоого чыгалы,
Кесиреттүү канкордун
Кең-Колдон туусун жыгалы,
Кел, жаман журт, урушуп,
Канкорду жерге тыгалы.
Бу Канчоро, Кыяз жки кан
Ушунун ишин оңолтуп,
Аркы атасы айкөл кан
Бу айкөл канды жоготуп,
Эки тизгин бир чылбыр
Өзүбүз колго алалы,
Ордолуудан кан болуп,
Опсуз кымбат жан болуп,
Ой түшүрүп, журт бийлеп,
Өзүбүз ишти алалык.
Мына ошондо Канчоро
Каарланып кабылып,
Ал Канчоро беренге
Кайыптан акыл табылып,
Үтүрөндөп бакырып,
Калың кара жедигер
Калбай кел – деп чакырып,
Азыкка алган арбын бээ
Ак боз бээни союшуп,
Эл ичинен чалышып,
Качкан жан мындай болсун деп,
Канына колун малышып,
Чыбык кыркып, күч кылып,
Чын убада иш кылып,
Боо кенбөгөн эл болсо,
Кордоп ишин түз кылып,
Кордук жайы ушундай.
Жадаалданып Канчоро
Качуу мындай болсун – деп,
Качпаган мындай турсун – деп,
Ак буудай унун чайнашып,

www.bizdin.kg



Өлө турган ант кылып,
Кылычтын мизин жалашып,
Каарланып бакырып,
Калтырбай элди чакырып,
Калың кара жедигер
Убада таштап минетип:
«Мындан кийин жаман журт
Качканың бирди көрдүңөр,
Каарланып какайсам,
Ажалдан мурун өлдүңөр,
Аксакалдуу карың кел,
Элүү башы, миң башы,
Ортого калба жүз башы!
Калбай журтум, баарың кел,
Акылыңдан шашпай кел!
Токтобостон жедигер,
Тойпоң уруп, чуу турбай,
Токсон уруу чыр кылбай,
Толкуп журтум баарың кел!
Акылы кенен ыктууң кел,
Айлага даңгыл мыктууң кел,
Балта чапчуу шериң кел,
Бука моюн, буура сан
Булкушканды куураткан
Эңгил-деңгил эриңер,
Энтеңдебей жедигер
Эми мында келиңер!
Билеги жоон, шериң кел,
Бир кеп айтам жедигер,
Бириң калбай, көбүң кел.
Кең көкүрөк таш кайрат
Келберсиген жедигер
Кең пейилдүү эриң кел,
Миңиң калып, бириң кел.
Туу түбүнө турчуң кел,
Туура жаңжал-чатакка
Турбай айза сунчуң кел!
Айта-буйта дегиче,
Ачып көзду жумгуча.
Айкырыгы таш жарып,
Күүлөнтүп баш жарып,
Ажалдуу жерге урчуң кел!
Болжолдон кайра тартпаган
Ажалдан кайра кайтпаган
Кең көкүрөк шериң кел,
Талаштан кайра тартпаган
Таш кайраттуу эриң кел,
Ач айкырык чуу болсо,
Жан чыдабас дуу болсо,
Асман жарган чуу болсо,
Тулпар оозун бурчуң кел,
Чуулгандуу чоң мүшкүл
Чымындай жанга күч келсе
Ажалдан кайра тартпаган
Өлүм десе сүйүнүп,
Өлгөндө кайра кайтпаган
Жоого балбан бөрүң кел,
Атышты арбын салчуң кел,
Айдай сулуу катынды
Ак куу болуп көкөлөп,
Асманга ушчу капырды
Олжо кылып алчуң кел,
Эл түбүнө жетчүң кел,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдаша кетчүң кел,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Ала байрак, жез найза
Жеткилең камбыл эриң кел
Бу сөзүмдү көрүңөр
Кыргын болуп сыйпалап,
Манастын уулу бадирек
Семетей канкор жоголбойт.
Семетей, Бакай жоголбой
Сенин эгерде ишиң оңолбойт.
Семетей азыр оңолсо,
Белге таңуу Күлчоро,
Белсенип таштайт Семетей.
Белин бекем буучу,

www.bizdin.kg



Бек Сары кан куу таздын
Бекем кунун куучу.
Буурсунуӊ бурдурбайт
Желпилдеген жедигер,
Жерге кирген жаман журт
Жети-Өзөнгө тургузбайт,
Чубатып кырат карыңды
Чууткулуу Күлчоро
Калың кара жедигер
Чуу түшүрөт баарыңды,
Эки өгүзүң байлатпайт,
Эс алса канкор Семетей
Эгин-тегин айдатпайт.
Эркин ээн-жай кондуруп,
Кан-Жайлооңду жайлатпайт,
Куйрукту козу жегизип,
Жайкы сааның саадырбайт,
Жаныңды жай калтырбайт,
Жай уйкуңду кандырбайт,
Жаман мүшкүл иш кылат
Мейлиң уруш, мейлиң кач
Бу Манастын уулу балекет
Жай-жайына бастырбайт,
Калың кара жедигер
Кармашып жоксон кылбасам,
Туу түбүндө турбасам,
Баарың бокту жедиңер
Тим жатканды, тим койбой
Тийдиң чогуу жинине,
Өлбөй калып Семетей
Каарланып какайса,
Калбай чогуу өлөсүң,
Өлгөндө көрбөс тозокту
Тирүү туруп көрөсүң,
Сакалдууңар-карыңар,
Кезигерге кезикпей
Кезикпес жоого катылып,
Кырылдыңар баарыңар!
Көтөрөр тулпар табылса,
Көкжал өзү урушса,
Баатырдын баатыр экенин
Ал жедигер жаман журт
Ошо кезде билесиң.
Жинине салса Семетей
Атаңдын көрү, жедигер
Кайсы көргө киресиң?
Атка минсе ал канкор
Айбандай бүктөйт белиңди,
Чыгарат чогуу желиңди.
Калтырбай төгөт каныңды,
Олжо кылат жаныңды,
Ойсуратат баарыңды.
Жабылта кырат элиңди,
Тартып алат талкалап,
Жан багуучу Жети-Өзөн
Киндигиң кескен жериңди.
Кайран Кыяз каның кел,
Качып-үркпөй жедигер,
Калжырабай баарың кел!
Эки сөз айттым билип ал,
Эселек тууган жедигер,
Былжырабай тилимди ал!
Билсең боло жедигер
Кош колдоп өзү бергенин.
Берген эмей эмине?
Бет алдыңа жоолашып,
Канчоросу келгенин.
Бу Канчоро барында
Жети-Өзөндө бөлүм жок,
Канчоро жерге кирбесе,
Жедигер сага өлүм жок.
Канчоро жайын биле албай,
Канча сөз айтсам тил албай,
Бирөөңдү бирөөң көрө албай,
Ай, кайран журт жедигер,
Шашып өлөр бекенсиң,
Өз дүйнөңдү өрөпкүп,
Чачып өлөр бекенсиң,

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Жаш күчүктөй кыңылдап
Арам өлөр бекенсиң,
Кара таандай чуу туруп,
Жаман өлөр бекенсиң.
Калың кара жедигер,
Туура сөзгө туруп бер,
Өлөр антың кылып бер,
Кармашты катуу салалы,
Айры белес кайкаңга
Алышты артык салалы,
Кылт этпегин жедигер.
Кызыталак канкордун
Кылычтап башын алалы,
Айта-буйта дедирбей,
Азуулууга жаралы.
Бу дүйнөдөн жоголтуп,
Көкжалдын башын алалы.
Тыйпыл кылып баарысын
Тындым кылып салалы.
Багыштын уулу Кыязды
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Жети-Өзөн Талас кыргызды
Жеке өзүнө билгизип,
Тилимди алсаң Кыязды
Кашатка тиккен там кылам,
Аалам журттун баарына
Бу Кыязды кан кылам.
Семетей көзүн жоголтуп,
Кылымдын калкын жыйбасам,
Манастын уулу канкордун
Жаккан отун өчүрүп,
Олжо кылып аргынын
Жан-жабылта көчүрүп,
Жыйган дүйнө, калың мал
Жылас кылып чачпасам.
Канчоро кан дедиртип,
Ордун өзүм баспасам.
Кордук кылып ушунтип,
Кожо, молдо жыйбасам.
Койкойгон катын Чүрөктү,
Чүрөк эмес дүмөктү,
Кыйын сулуу катынды,
Кылтылдаган капырды,
Катынында калк бузган
Кара ниет капырды,
Кереметтүү кескини,
Толгон журттун баарына
Тополоң салган эскини
Буурукмалуу катынды
Буластаган капырды,
Кыязга нике кыйбасам
Кызыталак канкордун
Кыйласын олжо кылбасам,
Кырып, жанчып талкалап,
Кызык кырып тынбасам.
Кыйырлуусун кыйратып,
Кыйын олжо кылбасам,
Тирүү жүрбөй мен өзүм
Туулбай туна чөгөмүн.
Жадаалданып бакырып,
Эр Кыязы баш болуп,
Калың кара жедигер
Калбай кел деп чакырып,
Чубак уулу Канчоро
Чуутту Кудай урду эле,
Калың журттун баарына
Сакалдуусу карыга,
Балбансынган эренге,
Агасынын кеги бар
Айтылуу Кыяз беренге
Какшык уруп турду эле,
Кулжуңдаган кутургур
Кепти чындап бекитип,
Жедигерди кекетип,
Кайра тартып кетпеске
Калың элди бекитип,
Айтканым ушул билгиле,

www.bizdin.kg



Ай, жедигер жүргүлө,
Туура сөзүм билип ал,
Ой, жедигер тилимди ал.
Жедигер тил албасаң
Айры белес ач кайкаң
Ашсак кантет жедигер?
Айза ыргытып чуу туруп,
Кана качсак кантет жедигер?
Ат өтпөстүн Көк-Мойнок
Өтсөк кантет жедигер?
Иттей тентип, чуу туруп,
Кетсек кантет жедигер?
Киши көрбөс чоң мүшкүл
Көрсөк кантет жедигер?
Эмесе чуулап качып бириндеп.
Өлсөк кантет жедигер?
Балааны мынча көрбөстөн
Кордук көрүп өлбөстөн,
Айзалаша топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Өлгөнүңдөн калганың
Бир жакшылыж көп олжо
Көрсөң кантет жедигер?
Муну укканда эр Кыяз
«Баабедин» деп бакырып,
Баарың калбай келгин – деп,
Жедигерин чакырып,
Таалайга бүткөн Канчоро
Кандын айткан кеби деп,
Канчоро эмес, жедигер,
Каалап билсең ушуну,
Кадыр түн өзү келди – деп.
Бүгүн токсон миң жаны болсо да
Томпоюп көөдөк өлдү деп,
Жедигердин элинде
Жеткилең Кыяз каны бар,
Жеткилендин баары бар,
Жетиги Кыяз күүлөнүп,
Жедигерге сүйлөнүп,
Жетик, жетик кеп баштап,
Акырын сүйлөп, бек таштап:
«Андан көрө жедигер
Курдаш кеби чын болсо,
Төгүнү жок тың болсо,
Семетей өлүп түз болсо,
Унутпай турган иш болсо,
Калың кара жедигер
Эселек кептен таштайлы
Калк өрнөгүн баштайлы.
Кулак угуп, көз көргөн
Элге кабар салалы,
Алтын таажым кийгизип,
Бу Канчоро баатырды
Калың элдин баарына
Ата кылып алалы,
Канчоро бизге таалайга
Эзилишкен сырдашты
Билбегенди билгизген
Билип жолго киргизген
Туйбаганды туйгузуп,
Үзүлгөндү улантып,
Кор болгон жанды кубантып,
Бу Канчоро сырдашты
Кимдер издеп тапчу экен?
Кагылайын курдашты
Эки тизгин бир чылбыр
Кыйдык колго алыңыз,
Калың кара жедигер
Убалы, сообу болобу
Милдетин өзүң алыңыз,
Катуу бүлүк кармашты
Өзүңүз билип салыңыз,
Ак сакалдуу карысын
Жигит, ага, боз балдар
Алыңыз журттун баарысын
Каарланып кайкайсаң
Катуу кыргын салыңыз,
Тил албай качса жедигер

www.bizdin.kg



Жалгызын тирүү таштабай
Кымбат тууган Канчоро
Кыргын кылып салыңыз.
Кылчая турган бир жан жок
Кылыч алып, балта алып,
Караан болчу эл мына,
Каарланып кайкайсаң
Канды төксөң биз мына,
Чалсаң кенен жол мына,
Айдасаң түмөн кол мына,
Бу кебимди сен сына
Туу түбүнө турушчу
Душманың менен урушчу
Тууганың Кыяз биз мына.
Баргекти токой жер мына,
Башымды алсаң мен мына,
Кагышын катуу баштаңыз
Алтымыш катын, тул жеңе
Айылын каран таштаңыз.
Эр Семетей баатырдын
Сайыштан болсун сапары,
Өлүмдөн болсун катары,
Айланайын жан курдаш,
Семетей жайын билбедим,
Телегейи тең экен.
Айласын  өзүң таппасаң,
Семетейден Күлчоро
Алда канча эр экен.
Жайнаган кызыл чок экен,
Жаның чыккан бачагар,
Жаанамда* андай жок экен,
Жетик тууган шер экен,
Атын чоро койдуруп,
Капырай желмогуздай эр экен,
Көмүскөйдөн ал Чоро
Ак марал кууп уй кылды,
Азганакай жедигер
Айдал жүрүп буй кылды.
Көк марал кууп уй кылды
Жети-Өзөндө жедигер
Жер майышкан зор кылды.
Айдап жүрүп буй кылды.
Төлөбай менен Кадырбай
Жедигердин жакшысы,
Акыл тапкыч эрени,
Айлага дыйкан берени
Туу түбүнө турары,
Калың журт сүйүп каалаган
Кара кашка тынары.
Эр экен деп аталган
Эл буйласы бу дагы
Өөдө кылчу жакшысы,
Өпкө чапчу бакшысы,
Айза сунчу даңгылы,
Жедигер журттун камбылы,
Куйкалаңган Чородон
Эки түгөй кан өлдү,
Эрендердин баары өлдү,
Азамат өлдү, шер өлдү,
Айла тапкыч акылман
Күлчородон көп өлдү.
Күлчоро атын укканда
Казатты көп журт баштады
Малы менен жанынан,
Оокат күткөн ашынам,
Эркелеткен башынан,
Эси чыгып жедигер
Такыр кечип таштады.
Ал Күлчоро баатырдан
Козголгондо чаң чыгат,
Койгулашса кан чыгат,
Кармаша кетсе кан чыгат,
Кара саат жыластын
Кармашынан жан чыгат.
Күлчоро мына дегенде
Корголорго жер таппайт,
Калың кара жедигер
Кирерине көр таппайт.

www.bizdin.kg



Айры белес – кайкаңды
Ашып берет кайран журт,
Кара жолтой жыластын
Каарына чыдабай,
Качып берет кайран журт,
Баатыр Күлчоро жайын мен көрдүм,
Баатыр, кишмелүү ичик, ак калпак
Кең көкүрөк, чалкак төш
Узун бойлуу, кең далы
Ары балбан, ары шер
Адамдан чыкпайт мындай эр.
Билеги жоон, таш жүрөк
Өзү бил мүчөлүү бадирек
Эл башкарып, журт күткөн
Зарлардыгы бар экен,
Ай-ааламды буй кылган
Мендеден балбан жан экен.
Комокойлуу сыр найза
Оңурайтып каранды
Урушар жоого аштаптыр,
Ушунча милек каптаса
Коркуп колтук ачпаптыр.
Жедигер түгөл кытайды
Жеткилең казат болгондо
Коендой жерге жанчыптыр,
Койгулашса көп душман
Чочкоң коркуп колтук ачпаптыр.
Күлчоронун үстүндө
Серпишчи тону сексен төрт,
Серпишкен жагы кызыл өрт,
Мендеден бөлөк шер экен
Жедигер түгүл ааламды
Буй кылуучу неме экен.
Жаным бирге курдаш, ай,
Күлчоросу өлбөйт ко,
Күлчоро тирүү турганда
Семетейди бербейт ко.
Мыктап кирип чабышсак
Ай түгөнүп, күн өтүп,
Арадан мынча түн өтүп,
Уруш кылсак минетип,
Жазгы чыккан жалбырак
Көктөп чөбү бышат ко,
Коко куурап, чаң жүрүп
Эл айтчу мыйзам учат ко,
Күлчоро чочко өлбөйт ко,
Манастан калган сан дүйнө
Чоросу тирүү барында
Жедигер бизге бербейт ко.
Агаң Толтой, Чынкожо
Алардын салган кеби эле,
Ай-ааламдан Чоросун
Артыгыраак деди эле,
Толкуп кара жедигер
Тойпоңдошкон жери бар,
Тойпоңдошуп кырылып,
Ал тозоку Чородон
Чочуп калган чени бар,
Калк чуркурап качканы
Капырай Чоро арсланы
Балбан өлдү, шер өлдү,
Мандайлашкан эр өлдү.
Эңкейгенде эр сайды,
Мендеден чыкпайт мындай жан.
Так элүүнү катар бир сайды.
Кайра тартпас чын жайды
Көрөмбү деп отурам?
Беттеше келсе Чородон
Бегим, уксаң сырымды
Өлөмбү деп отурам?»
Деп, ошентип, эр Кыяз
Ай Күлчоро кыйын деп
Сакалы кетип бириндеп,
Көөдөнү кирилдеп,
Денеси коркуп зирилдеп,
Жүрөк туйлап, ал кетип,
Кыяз минтип турду эле,
Чубактын уулу Канчоро

www.bizdin.kg



Кара ниет ал Чоро
Чорону кудай урду эле.
«Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Баскын Кыяз оозуңду.
Жети-Өзөнчө жер бекен
Жерге киргин сен Кыяз
Күлчоро менден эр бекен.
Адырмактуу буйгатты
Чала жүргөн жол эле,
Андай Чоро көөдөктү
Ала жүргөн кол эле.
Атаңдын көрү, эр Кыяз
Эрен сендей болобу?
Кулдан корктуң кутургур
Сени эр деген киши оңобу?
Түп атасы Чылаба
Түгөнгүр жайын сураба?
Тукуму арам чородон
Туура коркуп турганың.
Атасы кытай Алмамбет
Аңгыл-деңгил кытайдан
Атаңдын көрү, Кыяз кул,
Анча неге коркосуң?
Атасы айбан Чоронун
Достум, андан корккон оңобу?
Атасы кытай Алмамбет
Болоттон айза боолашып,
Эр өлтүрүп, чаң салып,
Каканчы менен жоолашып,
Өз атасын өлтүрүп,
Таянганы шер канкор
Зордугу бийик тоо болгон,
Келберсиген эр Калча
Коңурбай менен жоо болгон.
Какандан качып атасы
Корголоочу жер издеп,
Кошуна-коңшу эр издеп,
Кытай, кыргыз кылым журт
Кыйлага салган чуулган.
Азып келген атасы
Алмамбеттен туулган,
Канчороңдун кеби бул.
Багылган Чоро денекул
Баарына кыргын салды – деп,
Мактап Кыяз, сен муну.
Калың кара жедигер
Айта турган кебим бар,
Алмамбет уулу Чоронун
Айласын табар өзүм бар,
Атсыз калган төрөнү
Тегеректей барыңар,
Теминип согуш салыңар,
Кыдырата карабай,
Кылча жанды аябай,
Кызыталак канкордун
Кыргын кыла салыңар!»
Деп, ошентип, Канчоро
Жеткилең кептен сүйлөдү,
Жерге кирсин, ант ургур
Жедигерди күүлөдү.
Баатырларын кайрады,
Барлык чырын сайрады,
Селдеси бар кожосу,
Серпишке кирчү мыктысы,
Айза алганда шашпасы,
Сан колдон кайра качпасы,
Качыраган эрени,
Кара көңүл берени,
Канчоро кандын алдына
Каптап келип турду эле,
Согушка кылган добулбас
Добулбас үнү бакылдап,
Жезнай үнү такылдап,
Керней, сурнай тарттырып,
Керикке дары арттырып,
Келип жетип турду эле.
Кайраттуу эри Канчоро
Кара аскар тоонун теңиндей,

www.bizdin.kg



Кеп айдаган Кыязы,
Аласкар тоонун белиндей,
Кайнап чыкты жедигер
Туш-туштун шамал желиндей,
Боз мингенин бир бөлүп,
Айзасын берип колуна
Адырдын тосчу жолуна
Аны бөлүп салыптыр,
Айзакерден даңгылын
Айбалта чапчу камбылын
Кара мылтык карс этсе,
Качканды билбес тежелин.
Чогуу сан кол каптаса,
Чочубай турган көсөлүн.
Сегизге бөлүп, кол айдап,
Серпишчүсүн мол айдап,
Жоон өпкө күрсүлдөк
Айза сунар түрсүлдөп,
Ажалды жоодон тартпасын
Алыштан кайра кайтпасын
Айдап чыгып Канчоро
Эми кетирди журттун айласын.
Кең Таластын боюнда
Колу каптап келатат,
Жылгындуунун бетинде
Чогуу каптап келатат.
Жаңырыктын Жар-Кыя
Жалгыз малдын чубама
Каптап кирди канкорду
Жедигер түрүн сураба.
Кум-Кыянын жээк жол
Жайнап чыгып келатат,
Курттай каптап жедигер
Кайнап чыгып келатат.
Үч-Кошойду этектеп,
Көбү чыгып келатат,
Көтөрмөнү бет алып,
Көрсөң мындай жедигер
Көбү чыгып келатат.

Семетей турганберениң
Айры белес ач кайкаң
Асты түз эң боз тайпаң
Боз бодурду бет алып,
Болкулдап басып аянып,
Айкөл шериң ушундай,
Бая Аккелтени таянып,
Ок өтпөгөн Аколпок
Аколпокту жамынып,
Жазайылды салынып,
Атсыз калып күйүнүп
Аманат жандан түңүлүп,
Кайрыла басып болкулдап,
Капа болуп эр көкжал
Кайран жандан түңүлүп,
Канчаны чаап, кол курап,
Султан болгон журт сурап,
Атасынан бабасы
Арсландыгын карачы.
Буурулду санап күйүнүп,
Өлүм десе жөн эле
Айчүрөк эркек туугансып,
Алжактап күлүп сүйүнүп.
Караанын көрүп канкордун
Эр Канчоро, зор Кыяз
Ааламга татыр кол айдап.
Ал колунун баарысын
Тегеректе чогуу айдап,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Айкөл шерге карата
Адис мерген Канчоро
Араан ооз сыр жебе
Аны менен жүздү атып,
Анын огу жеткиче
Айдалыда боз келте
Муну менен жүздү атып,
Жер жарылып бакырып,
«Багыштап» ураан чакырып,

www.bizdin.kg



Жедигер деп чуу тартып,
Жетик каптап алыптыр.
Айта-буйта дегиче,
Асыл шердин алдына
Ачып көздү жумганча
Күлчоро келип калыптыр.
Каптаган жоону көргөндө
Көөдөндөгү көп санаа
Көкжал тууган Чоронун
Көзүнүн жашы он талаа.
Агарып өңү суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Абасына Күлчороң,
Шай колдогон шер Чороң,
Шамдагайы болжолсуз
Шакылдаган эр Чороң,
Каптаган колдун алдында
Кыжылдап сан кол жетерде,
Кыйынсынган канкорду
Тегеректеп кетерде,
Кол алдында Күлчоро
Боздоп турду кайгырып.
Кантип турсун жан чыдап,
Каралды кылган кабылан
Канкорунан айрылып,
Жеткилең Чороң күйүнүп,
Жедигер колун көргөндө
Жетик жандан түңүлүп,
Каарланып камынып,
Барып жетти Күлчоро,
Абасына жалынып,
Баана кылган кабылан
Баатыр абаң эр көкжал
Айтсам-айтсам болбодуң,
Асили тилим албадың,
Эрдигиң мол, эсиң жок
Эсер* төрөм, кантесиң?
Артык тууган кабылан
Азапты жаман тарттыңбы?
Аккелтенди таянып,
Чамаа чарчап, ал кетип,
Азапты минтип тарттыңбы?
Ар Буурулдан ажырап,
Көкжал, аңгырап керээз айттыңбы?
Эл башкарып, журт багып,
Эченди кылып көрдүңбү?
Жаныңа жакын Канчоро
Иниңен кордук көрдүңбү?
Канчоро болду душманың,
Баатыр, ичиңде калды бушманың,
Бул Канчоро болбосо,
Ыргабайт белем бөркүмдү,
Чынмачын бузган кайран жан
Чыгарбайт белем көркүмдү.
Кайрабайт белем айзамды
Айдабайт белем арамды
Кырбайт белем талкалап,
Ушул кызыталак жедигер
Бул өңдөнгөн жаманды.
Кокуй, абам кабылан,
Өзөндөн күйгөн өрт жаман
Өзүңдөн качып кутулган
Бул Канчоро ит жаман,
Кокуй аба, кебимди ук
Тууганың болду душманың,
Ичиңде калсын бушманың,
Карын бөлөң Үмөтөй
Үмөтөй союп бүктөдүң,
Таежем бата берсин деп,
Буурул атка жүктөдүң,
Ар Буурулдан айрылдың
Биттейинде биригип,
Бармактайда баш кошкон
Кенедейде кезигип,
Биттейинде бириккен
Буурул аттан айрылдың.
Кыстоону кыйын көргөнсүз,

www.bizdin.kg



Колуңан Буурул кеткен соң
Ошол кезден өлгөнсүз,
Ай карарып бүркөлдү,
Түнүм кандай болучу?
Чама чарчап, ал кетти
Күнүң кандай болучу?
Сенин көзүң жумулса
Аргын менен кыргыздын
Айылы кандай конуучу?
Асыл Бакай, энекем
Айласы кандай болучу?
Керээзиң байкап, кебиңди айт
Мен кеткенге жер кайда?
Кокуй аба, эр султан
Мен кирерге көр кайда?
Керээзиңди айт, кебиңди айт,
Тай-кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Таалайым абам кебиңди айт,
Жер жайнаган жедигер
Жети күн жаттым аралап,
Чамам чарчап, ал кетип,
Боюмдан кара кан кетип,
Өлбөй чыктым кан абам,
Жетимиш жерден жара жеп.
Алты күн тынбай аралап,
Амалым кетти, кан аба,
Алтымыш жерден жара жеп.
Каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык.
Көөдөнүмөн ал кетти,
Көп жеримен жан кетти
Чама чарчап, ал кетти»,
Деп, ошондой деген соң,
Ошондо төрөм муну айтат:
Кытайдан өлбөс кайран жан
Кыргыздан өлмөк болупмун,
Душмандан өлбөс кайран жан
Туугандан өлмөк болупмун.
Кечээ, белди бекем бууганда
Бейжиндеги Калчадан
Атамдын кунун кууганда,
Тогуз миң экен жылкычы
Жылкычысын кырганда,
Каталдын уулу Карагул –
Ал Карагул баатырды
Сакалын жулуп кыркканда.
Алты миң кытай, сан калдай
Аралаш кырып турганда
Мындан өлбөй не болдум?!
Карагулдун сакалын
Такыр бойдон жулганда,
Кыйлага чапсам Тайбуурул
Атым жетип турганда,
Кыргын кылып ааламды
Датым жетип турганда
Мында өлбөй не болдум?
Тууганым деп, Канчоро
Арамдан* өлмөк экенмин,
Туура эч неме билбеген
Жамандан өлмөк экенмин!
Ай, Күлчоро, тууганым,
Тоотору менен Суркоён
Экөөн минсем көтөрбөй
Амалымдын кеткени,
Ажалымдын жеткени,
Суу түгөнүп, күн бүтүп,
Ажал жетер күнүмбү?
Чын ажал жакын жаткандын,
Бүгүн көрдүм Күлчоро
Чын топурак басканын.
Заманында Семетей
Ааламды бузган дөө болдум,
Аягында мен өзүм
Ат көтөрбөс жөө болдум.
Керээз сөз айтам, угуп ал,
Алдейлеген Күлчором,
Кудай үчүн, мен үчүн

www.bizdin.kg



Жети күн тынбай согуш сал!
Баары журтта жазык жок,
Башчыларын жайлай көр,
Журт бүлдүрүп, эл бузган
Канчоро кулду кармай көр!
Кармабасаң жаманат,
Өлбөй тирүү сен жүрсөң
Энекем, Бакай, Айчүрөк
Бул үчөө сага аманат!*
Менин көзүм жумулса,
Кең-Өзөн жайлооң жол болор.
Келберсиген Күлчором,
Сенин кеңири башың кор болор.
Караалдуусу өлүүчү
Караандуу каны өлгөндө
Калган дүйнө, түмөн мал
Кастарын тигип кайышып,
Каптап душман бөлгөндө
Кыстоо тартат чунак жан,
Кыйналып куу жан көрүүчү
Ажал жетип күн бүтпөй,
Кантип менде өлүүчү?
Ай, Күлчоро, берених,
Адамдан артык эреним,
Асты чалкак, ак жолум,
Аркасы бийик, сан колум,
Менин көзүм өткөндө
Кадиктүү душман Канчоро
Эрки менен болучу,
Бакай менен Күлчоро
Билгенин кылат болучу,
Өлтүрбөстөн житирбей
Күлчором сени коючу.
Таарынбагын Күлчором,
Кадырман өлсө, калк өлөт,
Баштык өлсө, баары өлөт,
Дардаңдаган туз арам
Бай өлгөндөй барбактар,
Башчы болуп кыргызга
Туз арам чочко дардактар,
Менин көзүм өткөндө
Казына бузуп алуучу,
Каранга журтту салуучу,
Талкалап элди жайнатып,
Бүтүн кундуз терисин
Багалекке карматып,
Кайра айта көрүүчү,
Жабыкпагын Күлчором,
Жазаңды колго берүүчү.
Тонуңду талап, бул кылып,
Өзүңдү уруп токмоктоп,
Эр Кыязга кул кылып,
Кордукту койдой салуучу
Касыреттүү чунагым
Бу кегин сенден алуучу.
Эрен адам тардыкпайт
Элге даңктуу эрен эр
Кул болуудан ардыкпайт.
Кыяз олжо кылды – деп,
Бөлүнтө көрбө каныңды,
Кыйба кымбат жаныңды,
Тууганым ардуу уул элең
Төгө көрбө каныңды.
Кул болдум – деп ардыгып,
Ыйлап кеспе дениңди
Эптеп чыдап, эл болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Уга көр, Чором, кебимди.
Таба көр Талас жериңди
Кең-Колдон алгын көчүңдү,
Келберсиген кесирден
Ала көр иттен өчүңдү!
Таба көр Кең-Кол жериңди
Алдейлеп баккан Чородон
Ала көр эптеп кегиңди!
Тулпар аттын жакшысы
Туз жүктөсө жоорубас,
Азаматтын жакшысы

www.bizdin.kg



Кулдуктан көөнү оорубас,
Ургаачынын мыктуусу
Отко жакса күл болбойт,
Олжого кетсе күң болбойт,
Олжого кеткен жаманат
Айчүрөктүн боюнда
Үч айлык перзент калды эле,
Эгерде эркек уул болсо,
Күлчоро менен Айчүрөк,
Сен экөөңө аманат!
Эркек болбой кыз болсо,
Бар дүйнөмдү жыя көр,
Ыйлабас жерге кыя көр.
Эгерде эркек уул болсо,
Тоюна топ мал сойгула,
Атын Сейтек койгула,
Мойнуна тумар таккыла,
Он экиге келгиче
Кирди көйнөк кийгизбей,
Чабылтып чаңга тийгизбей,
Канаттууга кактырбай,
Камчылууга чаптырбай,
Бузулган аш жедирбей,
Көргөн жандын баарына
Оңбогон жетим дедирбей,
Бек жакшылап баккыла,
Он экиге келгенде
Анан Талас тапкыла,
Бу көзүм сага аманат
Машайыктар* биригип,
Батадан бүтүп турганда
Катагандын кан Кошой
Улукман Кошой абаңыз
Олуя* Кошой кабылан
Айткан экен бабабыз,
Астына минер аты жок
Буудандан өлөт экен деп,
Алышкан асты касы жок
Манастын уулу бу көкжал
Туугандан өлөт экен деп,
Тон азабын көп тартып,
Бөздөн өлөт экен деп,
Эмчек эмген тууганы
Бу өзүнөн өлөт экен деп.
Бабам Кошой баатырдын
Бул айтканы чын экен,
Же кара адырмак тоо эмес,
Каңгайдан каптап ок аткан
Же кара калмак жоо эмес,
Атаңдын көрү, Күлчоро,
Жесир-жетим, мискинге
Жетигим Чором көзүң сал,
Бул айтканым билип ал.
Эми, буудан чором, тилимди ал
Жүк көтөргүс нар элең
Ай-ааламды буй кылган
Шер аталган жан элең.
Кайрат кылгын капырга
Кастарың мыктап тиге көр!
Кан Канчоро баатырга
Өч албасаң жаманат.
Эңкейген кары, бакыр журт,
Энекем, Бакай карыя
Күлчором, сага аманат!
Береки беризаада Айчүрөк
Бейтаалайга салам айт,
Кара чачын жайбасын,
Кандап бетин тытпасын
Катындык кылып калбасын!
Курсактагы чунакка
Күч келтирип салбасын!
Олоңдой болгон кайран чач
Омуроо ченеп өрбөсүн,
Ойрон төрөм өлдү деп
Айчүрөк көөнүн бөлбөсүн,
Кайран энем Каныкей
Кайраты мыктуу жан эле,
Ажалдан мурун жарылып.

www.bizdin.kg



Шордуу энем өлбөсүн.
Байкуш энем долунун
Маңдай сөөгү кайкы эле,
Ар качандан, бир качан
Күн көрөрү тайкы эле.
Кежигеси чөп эле,
Жыргалынан жыласы
Асман жерден көп эле.
Чунагым ботом өлдү – деп,
Кайгырбасын деги эле.
Атаман калган Кумайык
Ардактаган Актайган
Аза күтөр аңгырап,
Асман жерди кейитип,
Улуп алар заңгырап.
Кумайык үнүн укканда
Кайраты толук кан ыйлар,
Кадыр билген шер ыйлар,
Кадимки кара жер ыйлар,
Кайың ыйлар, тал ыйлар,
Жан-жаныбар баары ыйлар,
Мойнунда болот каргыны
Каргы тиштеп каңылдап,
Кутпа көздөп аңылдап,
Капталын булуп зыргытып,
Көздүн жашын ыргытып,
Бөгүп алар Актайган,
Жалынсаң баспай көз жашын
Төгүп алар Актайган,
Ийне салып бергенсип,
Куруп алар Актайган,
Мени жоктоп аңгырап,
Улуп алар Актайган.
Актайган антип турганда,
Айбан минтип турганда,
Адам эй, менин жаным кандай –деп,
Көңүлүңдү бөлбөгүн,
Кутман элең, мураа элең,
Курган Чором өлбөгүн!
Алты миң нар, миң тайга
Сатып алган Актинте
Кынынан суура калбагын,
Кумайыкка теңелип,
Кый сүбөөңө салбагын,
Кымбат иним Күлчоро
Өзүңдү өзүң жарбагын,
Андай жапаа кылбагын.
Айры белес, ач кайкаң
Ашып кетет Кумайык
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Жер дүйнөдөн жоголуп
Качып кетет Кумайык,
Өзөн бойлой кондук – деп,
Кыраандардан айрылып,
Өрт өчкөндөй болдук – деп,
Кокуй Чором, ыйлаба!
Айтып турсам иш кыйын,
Жана кетет бир буюм,
Бейжайлыгы жабылган
Берен атам көкжалдан
Белекке калып табылган,
Кайран атам Манастан
Белекке жүрүп кабылган
Кулалы чайкап, куш кылган,
Кудай таала жараткан
Бир өзүмө туш кылган,
Сырты кара, боору көк,
Көзү кара, көк шал бут,
Текөөрү темир, тээги жез
Тентигенде болгон кез,
Канатын жыйып шукшурбас,
Казды көрсө учурбас.
Куйругун жыйып шукшурбас,
Куу көрсө чөлдөн учурбас,
Курбалдашым Акшумкар*
Байлап салсаң токтобос,
Керегени боктобос.

www.bizdin.kg



Менин көзүм өткөндө
Тегеренип баркылдап,
Үнүн баспай таркылдап,
Саңоор жүнүн тыткылап,
Дайрып мөңкүп учкулап,
Мүрүсүн жерге каккылар,
Канатын жерге чапкылар.
Айтайын десе, тили жок
Айбандан эстүү Акшумкар
Жамгырлык жүн бөлүнүп,
Жем чокубай баркылдап,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Өөдө-төмөн учкулап,
Жибек боосун тыткылап,
Аза күтөт Акшумкар.
Акшумкарды көргөндө
Көңүлүң кетер бөлүнүп,
Көзүңдүн жашы төгүлүп,
Көңүлү муздап, ич сыздап,
Кабырғаң кетер кайышып,
Кандуу кара дарт болуп,
Жүрөгүң сыздап сайышып,
Кан качып өңүң бузулуп,
Курсак кайнап, ич күйүп,
Куруп, кейип турарсың.
Акшумкарды көргөндө
Өлбөстөн мурун өлөрсүң,
Ошондой шумдук көрөрсүң.
Бир адамга жолукпай,
Айып болот Акшумкар,
Бир адамга көрүнбөй
Кайып болот Акшумкар,
Алтын боосун талкалап,
Тытып кетет Акшумкар,
Кайып болуп калкылдап,
Качып кетет Акшумкар,
Калың дүмөк чоң балаа
Баштап кетет Акшумкар
Алтын туурун бир карар
Таштап кетет Акшумкар».
Деп, ошентип, Семетей
Айтып оозун тыйганча,
Андай-мындай дегиче,
Кайраты толук ыктуусу,
Кан төгүүчү мыктуусу,
Кыяз менен Канчоро
Жер жайната кол айдап,
Түмөндөтүп мол айдап,
Айрымачтай агысты
Ашып чыгып келатат.
Мунун алды жагы Жар-Кыя
Басып чыгып келатат,
Жалгыз аттын чубама
Чубап чыгып келатат,
Мына курттай кайнап жедигер
Адам чуулап чыгып келатат.
Кылыччаны, шерлери
Кыргынга камбыл эрлери,
Жазайыл кармап, жаа тартчу
Жалаңкычтай баатыры,
Өлүмдөн качпас даңгылы,
Айзакерден камбылы,
Жан алгыч түрлүү эрени,
Жанды койбос берени,
Белгилүүлөр бетинде,
Берени Кыяз четинде,
Жолумдуулар бетинде,
Мунун жолборсу Кыяз четинде,
Кайрандары бетинде,
Акыл тапчу камбылы,
Атышка мыктуу даңгылы,
Арслан Чоро өзү бар,
Кол жабылтып, эл айдап,
Булук менен чатакты
Тилеп чыгып келатат.
Жер жайнаган жедигер
Жетип каптап кеткин деп,
Түбүнө чогуу жеткин деп,

www.bizdin.kg



Сүрөп чыгып келатат.
Эрендерин, шерлерин
Канчоро канкор канетет
Күүлөп чыгып келатат.
Ошол кезде Күлчоро
Канчоро каптап жетерде,
Теги калбай жедигер,
Тегеректеп өтөрдө,
Эрен Кыяз карысын
Кайра айдады Күлчоро
Жедигердин баарысын.
Эрен кайдан аянды
Жедигер түмөн, бул жалгыз
Ээр белдей белесте
Эл чуркурап, чуу туруп,
Белесчени таянды.
Өйүз-бүйүз турушуп,
Айза сунуп, балта уруп,
Былчылдашып урушуп,
Эренсинген кан өлүп,
Чыйрагынын баары өлүп,
Абыкенин Акборчук
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Күлчоро жүрөт бакырып,
«Манастап» ураан чакырып.
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Жедигердин калың кол
Кайра айдады сапырып,
Эренсинген кан өлүп,
Баяны айзакердин көбү өлүп,
Өлгөнүнөн калганы
Беш-Таш башы Бек-Жайлоо
Бекинишип жөлөнүп,
Бейпай мүшкүл экен деп,
Жедигер жүрөт күйүнүп,
Ай Күлчоро баатыр деп,
Ай-ааламды талкалап,
Кум талкан кылчу капыр деп,
Улама* айткан кеп эле
Ай-ааламды Күлчоро
Талкан кылар дээр эле.
Бу кыргызга туулган
Орнотуучу чеп экен,
Муну менен урушкан
Бу кудай урган кеп экен,
Айласын таппай жедигер
Аң-таң калды Чорого,
Берендиги Чоронун
Озуп кетип баратат,
Семетейден сан колду
Тозуп кетип бара атат,
Балбандыгы Чоронун
Озуп кетип баратат.
Эки жагын каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Каарланып зыргытып,
Каршы алдында келгенин
Шыйрактан алып ыргытып,
Алыс болсо жедигер
Айза сунуп шокшоктоп,
Астына жакын калганын
Айбалталап токмоктоп,
Жүздөн кырктан топтотуп,
Бөлүп кетип баратат,
Бет алдына кабылган
Өлүп кетип баратат.
Мыктуу салыш болду эле
Көп урушуп турушуп,
Жалгыз колду аралап,
Жапаны Чоро баштаптыр
Жана кымбат куу жанды
Кылга байлап таштаптыр,
Өлө берсе көөнү деп
Бузукту Чоро баштаптыр,
Айгайды арбын салыптыр,
Уй түгүндөй жедигер
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Аралашып калыптыр.

www.bizdin.kg



Аламан уруш, чоң кыргын
Кыйла дүмөк аккан кан
Кыл мурутун шыйпайтып,
Өлүп жаткан далай жан.
Жер бузулуп, тоо көчүп,
Жеткилең дүмөк бобу чаң,
Кагышты Чоро салды эле
Тоотору менен кампайып,
Жолдон Кыязы чыгып калды эле.
Жедигердин Кыязга
Алмамбеттин кырааны
Эки көзү кызарып,
Ичи күйүп, чок болуп,
Бир кол салбай Кыязга
Кантип турсун токтолуп?
«Жан – деп Кудай жалгаса
Жедигердин эрени
Эр Кыязга жетсем – деп,
Таамай сайып бу кулду
Талкан кылып өтсөм – деп,
Кылычтап башын алсам – деп,
Ичинен чыккан кара кан
Кымызча жута калсам – деп,
Үрөндөй канын чачсам – деп,
Болуп жаткан кагышты
Суу сепкендей бассам – деп,
Кыязды Кудай бере көр!» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Кемердин берки бети – деп,
Өпкө боордун чети – деп,
Өлчөөсүнүн тушу – деп,
Өкүлдөгөн кутургур,
Өлчөлүү жериң ушу – деп,
Сундурганда кызарган,
Жоого беттеп сунганда
Жолу болгон Сырнайза
Кырк кулачтай узарган,
Муштаганда ал кеткен,
Учу илинсе кан кеткен,
Учу болот, бөрү тил,
Сайган жан тирүү калбаган,
Чийип өткөн адамы
Акыры тирүү барбаган,
Курап атып улаткан,
Адамдын көз жашы менен
сугарткан,
Айлап-жылдап Бөлөкбай
Кырк калча менен эгеген,
Жоого ылайык ченеген.
Албан түрлүү уу менен
Кобулуна сологон,
Кайкалаша кеткен жан
Арбынырак корогон.
Көрсөң айза ушундай
Көкжалыңдын Сырнайза
Түпөгү кучак барбайган,
Жөн эле түртүп өтсө, кан жайган,
Таамай тийип өткөн жер
Жөн эле кемегедей алжайган.
Келишимдүү Сырнайза,
Келип жетти Кыязга.
Туура турган адамдын
Чыканактын тушу деп,
Ары тайса Сырнайза
Чын өпкөнүн өзү деп,
Чырдын анык көзү деп,
А дүйнө кеткен арсландар
Ата-баба колдо – деп,
Чын колдооруң чын болсо,
Колдосоң ушул жолдо – деп,
Шай колдогон шер Чоро
Жетип айза салды эле,
Чыканактын кийинин
Таамай сайбай шер Чороң
Жандай сайып калды эле.
Ок өтпөгөн ак күбө
Эше сайып салды эле,
Ич этинен кара тон

www.bizdin.kg



Теше сайып салды эле.
Анык айза тийбестен
Сырнайзанын күүсүнөн,
Жандап кеткен дүүсүнөн
Эстен талып, ич күйүп,
Эси кеткен Кыяздын
Көзү кетип алактап,
Эстен танып шалактап,
Токтолбогон эр Чоро
Толкуп айза салды эле.
Таамай сайбай кайран эр
Жаза сайып калды эле.
Тоотorудан тоңкоюп,
Кыяз түшүп калды эле.
Колундагы жойкума
Кындан суура калгыча
Кылычтап башын алгыча
Ылачындай шыпылдап,
Токтолбостон жеткиче,
Тоодой болгон Кыязды
Жетип башын кескиче
Адис балбан Канчоро
Арадан чыга калганы.
Маңдайлашып турушуп,
Айза жетпей арсландар
Мылтыкташып урушуп,
Адис кыйын мергени
Капталдан чыга келгени.
Ал Канчоро бакырды:
«Абыкенин Актелки
Актелкини байлай ат,
Минген атын жайлай ат.
Мингенин жай кылбасаң
Буурусунун бурдурбайт,
Кара тажал Күлчоро
Жер үстүнө тургузбайт.
Болотуңду мокотот,
Болумуңду жоготот,
Амал менен албасаң,
Артык балаа, чоң дүмөк
Баш жагына салбасаң,
Канатынан кайрылып,
Мингенинен айрылып,
Акыр заман кылбасаң,
Анан кийин Чоросун
Жөө түшүрүп албасаң,
Күлчоро атчан турганда
Алыш кылып Чорого
Адам алы жетеби?!
Кутуруп өлгөн Чородон
Кезиккен аман кетеби?!
Жоого беттеп четтеген,
Жологон жанды өрттөгөн,
Боо жологон аман кетпеген,
Карасаат Чоронун
Атка балбан, жөөгө жок
Атын атып калыңар,
Тегиз каптап жедигер
Кутурма тийген Чорону
Тегеректей салыңар!
Теги журтум мындай» – деп,
Текши кирди мергени.
Көзгө атуучу ыктуусу,
Көрүнгөндү көп атып,
Көнүп калган мыктуусу
Кары жилик түбүнө,
Кабырга сөөк кашына,
Как жүрөктүн башына,
Кармап мерген өттү эле.
Түтүндөн мурун Акборчук
Жаны чыгып кетти эле.
Шай колдогон Күлчоро
Капаланып кайгырып,
Казатка минчү Актелки,
Актелкиден айрылып,
Канаты сынып бүгүлдү,
Кайран жандан түңүлдү.
Айбалтага алышып,

www.bizdin.kg



Акборчуктан айрылып,
Күлчоро жөө салышып,
Чымындай жандан түңүлүп,
Чыңдап чороң күйүнүп,
Кызыл канга оронтуп,
Атып жаткан мергенге
Кыйын жапаа, чоң дүмөк
Салып турган мергенге,
Сундурганын соо койбой,
Алып турган мергенге
Жетик күлүк Күлчоро
Жебеден мурун жетти эле,
Жетип башын кести эле.
Уйгу-туйгу түшүрүп,
Калайманды салды эле,
Тандалмалуу кырк мерген
Кылча койбой жалгызын
Кырып эми салды эле.
Кыргын кылып барысын
Кылычтап башын алды эле,
Мергендерин кыргыча,
Кыргын кылып тургуча
Эсинен танган Кыязга
Эр Канчоро жетиптир,
Жеткен жерде Кыязды
Ок өтпөс тонду кийгизип
Ок жетпеген Тоотору
Тооторуга мингизип,
Өчкөн отун тамызып,
Өлчү жанын тиргизип,
Багыштын уулу Кыязды
Ал Канчоро баатырың
Аман алып өттү эле.
Капталынан Күлчоро
Жаадай учуп ыпылдап,
Жөө чуркаса кыраан кул
Карчыгадай шыпылдап,
Канчорого жетти эле.
Канчорого жеткенде
Бек шамдагай даңгыл кул,
Берендиги болжолсуз
Күлчоро деген камбыл кул:
«Ант ургурум, ант урсун,
Ак жылкынын чаңы урсун,
Атакем Манас жана урсун!
Энекем Каныкейдин сүтү урсун,
Абакем Семетейдин күчү урсун!
Кулун-тайдай тебиштик,
Талашып эмчек эмиштик,
Чалгынды бирге чалыштык,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Кытайдан жылкы алыштык.
Ээ ант урган Канчоро
Кай жерде көңүл калыштык?
Аркалуу абам сен элең,
Алдында иниң мен элем.
Кез болгон жоону жечү элем,
Семетей менен Канчоро
Эки абамдын алдында
Курман болом дечү элем.
Тапкан журтуң жедигер
Мойнума салдың боолукту,
Душман болуп ок атып,
Артыкча кылдың жоолукту.
Күйдүрдүң да бышырдың
Күйүп өлгөн Канчоро
Өрттөндүң да чок кылдың
Өрттөнүп өлгөн Канчоро.
Кара-Кыя урчуктан
Калкылдаган закым жок,
Мурунтан тындым кылбаган
Менин кан абамда акыл жок,
Ай-ааламдан тузу арам
Канчоро, сен өңдөнгөн капыр жок!
Сен өңдөнгөн арамды
Колтук ачкан жаманды
Эми тууган десем оңомбу?

www.bizdin.kg



Сени тууган деген жан
Эгерде эки болобу?
Жылгындуу Кең-Кол бою ургур,
Кең Таластын ою ургур!
Алмамбет, Чубак аты ургур,
Моюнуна мингизип,
Болумду баккан бата ургур!
Аргын, кыргыз журту ургур,
Чоң энем Чыйырдынын сүтү ургур!
Кечээ Жылгындуунун оюнда,
Үч-Кошойдун боюнда,
Эриккенде экөөбүз,
Ээлигип элик атканда,
Күндүзү арак, түнү кыз
Күркүрөп ойноп жатканда,
Жаяны кесип жедирди
Ак калпак кыргыз уулунан
Абакем төрөм Семетей
Качан чоро дедирди» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Каарланып какайып,
Оозунан жалын шыркырап,
Кандуу бетин кан чалып,
Кара көзү сурданып,
Ачуусу келип көз жайнап,
Артык тууган Чоронун
Кан ичмеси бек кармап,
Шамдагайы болжолсуз,
Шай колдогон Күлчоро
Кынсыз кылыч байланып,
Жоо бөрүсү Күлчоро
Желигип чуркап жетти эле,
Атка минип Канчоро
Камынып кача бергиче
Каарды катуу баштады,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кайран энең Каныкей кылган
ок өтпөс
Ок өтпөстүн этегин
Оё чаап салды эле.
Астындагы мингени
Көбөш кандын Көктелки
Көктелкинин бир санын
Үзө чаап салды эле.
Калың кара жедигер
Каптап кет душман ушу деп,
Канчоро үндү салды эле,
Кыйындары карысы
Каптап кирди Чорону
Бүт жедигер баарысы.
Жаалуулары жаа тартып,
Мылтыкчаны ок атып,
Кумурскадан былкылдап,
Калың кара жедигер
Курчап кетти кылкылдап:
Канчоро, Кыяз канысы
Түгү калбай дүңгүрөп,
Түп көтөрө барысы
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жаман согуш болду эле.
Ошо кезде Күлчоро
Астында тулпар аты жок,
Казатка минер буудан жок,
Кара кылчу тууган жок,
Байкуштугу сында жок,
Ажыратып алуучу
Абасы кыраан мында жок,
Чама чарчап, ал кетип,
Кубат куруп, дем чарчап,
Шайман бошоп алсырап,
Бут шилтебей кансырап,
Жети күн тынбай аралап,
Желип-жортуп жөө жүрүп,
Жетимиш жерден жара жеп,
Алты күн тынбай аралап
Алсыраптыр Күлчоро
Алтымыш жерден жара жеп.
Шайман чарчап, дем куруп,

www.bizdin.kg



Кайрат качып, ичи ачып,
Бели кетип мекчейип,
Көзү ирмелбей чекчейип,
Балтыры ооруп сөгүлүп,
Талкан болуп таман эт
Ташка тийип бөлүнүп,
Тарчылык түшүп куу жанга
Ааламдын шери Күлчоро
Тартайчуудай көрүнүп,
Деми куруп, ал чарчап,
Алышканы жедигер
Куу өлүм эске көрүнүп.
Кең дүнүйө тар болуп,
Казы жебес эр чорoң
Кара өпкөгө зар болуп,
Сана сайлап бөлүнүп
Кызыталак куу өлүм
Коштоочудай көрүнүп,
Дүнүйө сөөм тар болуп,
Күлчороң турду кар болуп.
Канчоро турду бакырып:
«Калың кара жедигер
Каптап кет» – деп чакырып.
Кастарын тиккен кан болуп,
Мына кымыз ичпес эр Чороң
Жедигер кыстап жан ачып,
Кыйгыл сууга зар болуп.
Арак ичпес шер Чороң
Ачкыл суу таппай кар болуп,
Каптатып кирип ок аткан
Канчородо балаа бар,
Күлчоронун денеде
Ок жаңылган жара бар.
Качып кирер токой жок,
Мында кара кылар тууган жок,
Белеси бийик бели жок,
Суу жуткуруп, көз аччу
Абасы султан шери жок.
Аласа кыстап киргенде
Ушундай экен дүйнө бок,
Өз дарманы жеткиче
Кылып турат Күлчоро
Бет алдына келгенин
Кылыч менен кыймалап,
Кырып турат Күлчоро
Эрендерин кандарын
Жалгызын жанга жолотпой,
Кырып турат аларын
Толгоно албай шер Чоро
Мол азап көрүп эр Чоро,
Мууну бошоп аянып,
Эчкиликтин Кара-Зоо,
Мелмилдеген үлкөн тоо,
Мазарлууну таянып,
Күүгүм кире, күн бата,
Калың эл тынып, тим жата,
Болкулдап басып аянып,
Курчанганы боз кисе
Алакең кандын Сырбараң
Берен, Сырбараңды таянып.
Ичи өрттөнүп ал кетип,
Ооздон кара кан кетип,
Эрениң кайдан аянды
Басып качып байпактап,
Капка-Ташка токтоду,
Кайран жанга күч келип,
Чымындай жандын өзүнө
Чын аябай күч келип,
Мына ошондо Күлчоро
Качанкыны жоктоду:
«Кечээ Ооганды бузуп кол салып,
Кечээ Омбуну бузуп олжо алып,
Орчун элге кол салып,
Ойлоп турган кезимде,
Ай-ааламды буй кылып,
Тойлоп турган кезимде,
Мында өлбөй не болдум.
Душман эмес кайран жан

www.bizdin.kg



Көзүмөн өлмөк экенмин,
Бөлөк эмес кайран жан
Өзүмдөн өлмөк экенмин,
Казатка минер буудан жок
Талаада калмак экенмин,
Кайран жанды жашырып,
Ордо калмак экенмин,
Каңгырап качып талаада
Колдо калмак экенмин,
Айыкпаган бир азап,
Дууда калмак экенмин.
Айкырыгы баш жарган
Чууда калмак экенмин.
Минип качар буудан жок,
Бириктешкен тууган жок,
Атаңдын көрү, куу дүйнө.
Мындай азап болорбу?
Азапты тартып Күлчоро
Кордук көрүп өлө албай,
Өз жанды өзү кыя албай,
Эчкиликтин тоосуна
Эптеп жетип таянып,
Эрен көкжал жатты эле.
Капырай, ай караңгы бүркөлдү,
Түнү кандай болот деп?
Айкөл абам Семетей
Айры белес кайканда
Арбайып жөө калды эле.
Күнү кандай болот деп?
Ошондо көкжал Семетей
Кыймыл этип шашбастан,
Айры белес кайкандан
Ашып-шашып басбастан,
Зың-зың этип кенебей,
Өлүм менен жедигер
Бул экөөнү көкжалың
Бучкагына теңебей,
Же бир акыл ойлоп кенебей
Астыңкы Кыяз, Канчоро
Бул экөөнү көкжалың
Деги эле бучкагына теңебей,
Эрдик менен шердикти
Жаратканың кубаттап,
Берген экен ченебей.
Мунун теңебеген себеби:
Мунун түп атасы Түгөл кан
Түбүнөн Кыдыр даарыган,
Мунун башкы атасы баары кан
Башынан Кыдыр даарыган.
Казат кылган жерине
Козголгондо бир көкжал
Короодой кызыл тал бүткөн,
Атасынан бабасы
Мунун артыктыгын карачы,
Телегейи тең эле
Ичин карап отурсаң
Жер жүзүнөн кең эле,
Айбаттуу азар салбаган
Көкжалдыгы көрүнөө
Буга укурук кайрар калбаган».
Мына ошондой Семетей
Баатырдыгы башкача
Баса берсе мейли – деп,
Каптап кетсе көөнү – деп.
Атсыз калып айкөл шер
Кайгыланып кайран эр
Айры-белес акыска
Ат өтпөй турган жапызга
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Чоң тердикти салынып,
Аколпокту жамынып,
Жумулган көзү ачылбай
Сунган буту тартылбай,
Козголуп көкжал кенебей,
Ата, козголбогон кайран шер
Ата, колоктогон курган эр
Жана баатыр көкжалдын

www.bizdin.kg



Жаткан жери ошол жер.
Баатырың антип жатканда
Түн белгиси жоголуп,
Тараза жылдыз батканда
Таң супалап зирилдеп,
Таң кашкайып атканда,
Таң сөгүлүп турганда,
Таң атардын муздак жели урганда,
Өзөндүн жели зирилдеп,
Асмандан жылдыз бириндеп,
Тоо-тоонун жели зырылдап,
Асмандан жылдыз бириндеп,
Кыбыла көздөй чуркурап,
Жерге жарык тийди эле,
Жер көрүнүп турду эле,
Кудай бетиң көргөзбө,
Адам, караса көзгө илинбей,
Анын кайсы экени билинбей.
Толкуп чыкты бир бараан
Токой десе эл экен,
Толуп каптап жедигер
Топурак жаап, тоз учуп,
Каптап калган кези экен,
Кастарын тигип казаттап
Баягы Канчоро кандын өзү экен,
Жер жайнаган жедигер
Каптап калган кези экен,
Кыйындарын Канчоро
Бүлөп айдап алыптыр,
Баатырларын жөн эле
Сүрөп айдап алыптыр,
Ок атканы ок атып,
Жаа тартканы жаа тартып,
Калың кара жедигер
Тегеректей кетти эле,
Тегиз курчап жедигер
Тегеректеп өттү эле,
Опсуз басып жедигер
Он эки курчап өттү эле,
Койбочудай ок атып,
Каптап кирген жедигер
Кайран жандан түңүлүп,
Кайра тартып кылчактап,
Шашып жүргөн мындан көп,
Кайран жандан түңүлүп
Канкоруңа таң калып,
Качып жүргөн мындан көп.
Кыймылдабай дел болуп,
Күндөн калган мындан көп,
Кеп сураса былк этпей
Жөн эле тилден калган мындан көп.
Кыймылдаса жеди деп,
Жашынып жүргөн мындан көп,
Кыйын мүшкүл болду – деп,
Жөн эле качып жүргөн мындан көп,
Кагышка кантип жүрдүк – деп,
Канга кантип тийдик – деп,
Кайгырып жүргөн мындан көп.
Койчу баатыр кеттик – деп,
Кайра тартып кылчактап,
Кайрылып жүргөн мындан көп.
Мында кайраттуу адам жок болду
Калың кара жедигер
Семетейди көргөндө
Кадамыраак баса албай
Уу ичкендей токтолду.
Качырып кол салгын – деп,
Тегеректап калгын – деп,
Канчоро каар баштады
Жалпы журт эми өлдүк – деп,
Артыкча балаа тозокту
Канчородон көрдүк – деп,
Эл чуркурап, чуу турду.
Эсил жандан түңүлүп,
Алапайын таба албай
Журт чуркурап күйүнүп.
Чындап кыстоо көргөндө
Чымындай жандан түңүлүп,

www.bizdin.kg



Жакындабай жалт коюп,
Жана кайра тартышып,
Кызык кыргын болдук деп,
Чуркурап керээз айтышып,
Ай-ааламды буй кылган
Ата, көкжал шер эле.
Каканчы кытай каарынан,
Кан Эсенкан заарынан,
Чылаба, Дыңша, Уландан
Азат кылып айкөл шер
Ажыраткан булардан
Белестеги бел эле,
Журт койчусу шер эле,
Кызырлуу шерге катылып,
Эми кыргын болдук деги эле.
Калк чуркурап, чуу туруп,
Кайра тарта калышып,
Качуучудай шыбырлап,
Арбап-дүрбөп алышып,
Кээ бирлери күйүнүп,
Кээ бирөөсү жөн эле
Өлдүк – деп, жандан түңүлүп:
«Ата болгон арысланга
Айзаны кантип салдык – деп,
Айбаты күчтүү Айкөлгө
Кай бет менен бардык – деп,
Кызырлуу шерге катылып,
Качан тирүү калдык деп,
Козголуп кетсе кокуй шер
Жаман өлөр бекенбиз,
Кылмышсыз шерге катылып,
Биз бир арам өлөр бекенбиз».
Кечээ, кабарында бар бекен
Кечээ Жети-Өзөн жердеп жөн жатпай
Катуу кыргын салам – деп,
Тегин жаткан айкөлдүн
Катынын тартып алам – деп,
Жедигер жыйнап катылып,
Азапка алар чатылып,
Кагыш кылып өлдү эле,
Күчкө салам деп барып,
Өз жазайын көрдү эле
Жети-Өзөндө жатканда
Кошуң курап, кол жыйып,
Кай жерде эр Семетей келди эле.
Жети-Өзөнду жердеген
Жедигердин атагы.
Айыл жүрүп, бирге өскөн
Өз тууганы экен го.
Ада болсо, Чынкожо кулдун чатагы.
Колдун асты тыйылып,
Жолум үйдөй айзалар
Демге калбай кыйылып,
Жедигер турду тыйылып,
Жерге кирген Канчоро
Өкүргөндөн бакырып,
Калың кара жедигер
Кайра айдады сапырып,
Айзалууң азыр жеткин – деп,
Кара ниет канкорду
Тегеректеп кеткин – деп,
Күрсүлдөтүп күүлөнду
Күркүрөгөн Канчоро
Жедигерге сүйлөнду:
«Жети-Өзөн жайык жериңди
Жер экен деп келгемин,
Жерге кирген жедигер
Сени эл экен деп келгемин,
Кир жедигер киргин – деп,
Өкүрүгү таш жарды,
Чубактын уулу Канчоро
Мунун кыйкырыгы баш жарды.
Жедигердин чекесин
Жайлап кирди Канчоро,
Жеткен жерди токмоктоп,
Айдап кирди Канчоро.
Ал Канчоро баатырдын

www.bizdin.kg



Каарланган капырдын
Ысыгына бата албай,
Тулпар оозун бура албай,
Кутургурдун үнүнө
Курган жан чыдап тура албай,
Не да болсо өлдүк – деп,
Эми кордук өлүм ай,
Канчородон көрдүк – деп,
Өз билгенин өрттөнгүр
Кылып салар кези – деп,
Каарланса жедигер
Кырып салар кези – деп
Жедигердин эр Кыяз
Жоо-жарагын жайланып,
Белендеп кылыч байланып,
Кыяздын түрү момундай.
Алдындагы Тоотору
Тооторусун булкунтуп,
Ээсиз калган Тору атты
Эр өлгөндөй жулкунтуп,
Ачууланып бөлүнүп,
Ала аскар тоодой көрүнүп,
Тутангыр жайы ушундай.
Мизи болсо, сабы алтын
Сабына алтын тарттырган,
Мизине уу чаптырган,
Канча кылдат көп уста
Жасаганда жактырган.
Мизине уу жаптырган,
Комокойлуу Сырнайза
Оңдоп колго алды эле,
Үйдөй болгон чоюнбаш
Түрүн көрсөң оолак кач
Ач билекке чалды эле,
Ал колунда жаркылдап,
Көкжалга каршы барганы
Колдон Кыяз бөлүнүп,
Коржоңдогон кутургур
Ала-аскар тоодой көрүнүп,
Арандай ооз ачылып
Ууртан чыккан ак көбүк
Эки ийнинде чачылып,
Айза, кылыч жайланып,
Семетейге камданып,
Айкырыктын артынан
Канчоро кандын дартынан
Беттешери Семетей
Бет алдына барды эле,
Айкырып айза сала албай
Семетейди көргөндө
Аркескен шилтеп чаба албай
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Боконо сөөк болкулдап
Төмөнкү ичегиси солкулдап,
Кызарбастан кубарып,
Жаны чыгып чунайып,
Эки жакты караса,
Семетейди караса,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынат.
Чолок көкжал арслан
Самсаалап жалы төгүлүп,
Азыр жарып ийчүдөй.
Бу көзүнө көрүнүп,
Муну көрүп эр Кыяз
Ашып-шашып күйүнүп,
Аманат жандан түңүлүп,
Чыны менен күйүнүп,
Чыдай албай кайран шер
Чымындай жандан түңүлүп,
Ашып-шашып бакырып,
Жедигер элин чакырып
Жетип келип турду эле.
Тизе жерге бүгүлүп,
Канчоро кандын алдына
Аттан түшүп жүгүрүп,
Айтып Кыяз турду эле:

www.bizdin.kg



«Түп атасы түпту оён
Түгөткө тийип нетели,
Ойрон болбой тилимди ал
О, жедигер, кетели.
Семетейди мен көрдүм,
Козголгону жолборстой,
Каарланып бакырса,
Уккан жан аман болбостой.
Мурду буткул сеңирдей,
Булкушканды жегидей,
Оозун ачса көкжалдын
Оозунан чыккан жел
Шакардан чыккан жалындай,
Мурутунун бир кылы
Майлаган балта сабындай,
Астынкы эрди калбайып,
Бүктөлгөн дөбө үйүндөй,
Чыңолуу кызыл темирдей,
Чымчыганды жегидей.
Асты жагын караңар
Оозун ачып ышкырып,
Оп тартчуудай белендеп,
Турган экен кара Мар
Мүйүзү бар, өзү чаар
Оозун ачып ышкырып,
Алдында турат ажыдаар.
Арт жагынан карасам
Айза сунуп айкырган
Алтымыш эрдин сүрү бар.
Асты жагы момундай
Ажыдаардын түрү бар,
Кымбаттуу шерге катылган
Кантип калсын тирүү жан.
Адам тийчү шер эмес,
Алыша кетчү эр эмес,
Киши тийчү шер эмес,
Менде батчу неме эмес,
Айтканым ушул билип ал».
Канчорого салды кеп
«Ай, курдашым, тилимди ал,
Калың кара жедигер
Чуу туруп калалы.
Тобурчактуу тулпарды
Тегиз жыя салалы.
Моюнга бурчак салынып.
Ботоңуз биз – деп жалынып,
Ачууңузду тыйгын – деп,
Бир кашык канды кыйгын – деп,
Баатырга жооп айталы.
Келеңгер чачпак, кең соору
Керилген катын, сулуу кыз
Канкор шерге тарталы,
Чатакташпай чырдашпай,
Койчу журтум кайталы,
Эки тизгин, бир чылбыр
Семетей шерге берели,
Чатакташпай чырдашпай
Жети-Өзөн жерди көрөлү,
Кызыр чалган шер экен.
Кымбаттуу кызык эр экен,
Бирликти коюп, бир жерге
Кан көтөрчү неме экен.
Бүткүл кыргыз жабылып,
Арка кылар эр экен.
Ар кайсы жактан жоо чыкса
Белге таңып беренди
Сака кылчу эр экен.
Ай-аалам тегиз каптаса
Айкөл төрө түткүдөй
Кыймылдатпай бул журтту
Ата болуп күткүдөй,
Ачууланып булкунса,
Калтылдабай кара жер
Калыңынан түткүдөй.
Кыргыз түгүл кылымга
Калайыкка канына
Калың журттун баарына
Ата ордуна албайып,

www.bizdin.kg



Ала-Тоодой дардайып,
Карааны бийик балбайып,
Канкор ээ болгудай.
Кокуй, достум, тилимди ал!
Жер өлчөөнүп конгун – деп,
Бизге да төрө болгун – деп,
Калыкка кабар салалы,
Чатакташпай, чырдашпай
Ушул кайран султанды
Кан көтөрүп алалы!
Ажыдаарлуу канкорго
Алышкан аман болобу?
Кызыр чалган канкорго
Каяша айтса оңобу?
Айланайын курдаш ай,
Айткан тилди алыңыз!
Уй түгүндөй жедигер
Убалына калбастан
Ишти жөнгө салыңыз!
Деген сөзгө көнбөсөң,
Айткан тилди албасаң,
Айдаган жолго баспасаң,
Айзаны өзүң алыңыз.
Сырыңды билген төрөңө
Өзүңүз айза салыңыз.
Айланайын жан курдаш,
Абаңды өзүң сайыңыз!
Абаңыз бөлөк шер экен,
Мендеден бөлөк, заары күч
Жаратылган неме экен,
Эки беттин отуна
Көкжал бөрү тойгудай,
Беттеп барган адамды
Азыр көөмп койгудай.
Калың кара жедигер
Калкыбыздын баарысын,
Жашы менен карысын
Бир козголсо соргудай.
Кылын койбой калың журт
Кыргын кылып жуткудай.
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча
Семетейге катылып,
Асыл кайра куу башты,
Ажалга бөөдө чатылып,
Арам өлүп жүрбөйлү.
Кыпкызылдай кан болуп,
Жаман өлүп жүрбөйлү,
Абийирлүү шерге катылып,
Азапка бөөдө чатылып,
Тырмалап ыргып чыга албас
Ордо калып жүрбөйлү,
Калкып кечип өтө алгыс
Шордо калып жүрбөйлү?
Чалынсаң үзүп чыга алгыс
Тордо калып жүрбөйлү,
Кармаса, аман болбогон
Колдо калып жүрбөйлү?
Айттым ушул билип ал,
Асыл достум, тилимди ал,
Керишбейли жан достум,
Кейитпей тилди ал достум,
Манастын уулу канкорго
Кагыш кылып кайрылып,
Катуу мүшкүл көрбөйлү,
Кайран журттан айрылып,
Калың журтту кырдырып
Белде калып жүрбөйлү?
Аралап шерге катылып,
Азапка бу баш чатылып,
Чөлдө калып жүрбөйлү,
Достум, жалаң кызык кылдырып
Жалпы журтту кырдырып,
Мүйүз сынып чекеден
Токол болуп жүрбөйлү?
Жал-куйруктан ажырап,
Сопол болуп жүрбөйлү?
Басар буттан айрылып,

www.bizdin.kg



Баатыр жыланга чалыш болбойлу?
Шыйпанарга куйрук жок,
Кызырлуу эрге катылып,
Баатыр, куланга чалыш болбойлу?
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түбү түптүү шер деген,
Кара курттай калкы бар,
Катылыша кеткендин,
Канын төкмөй салты бар.
Ал эмес Какандын журту жеңбеген
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Эски арыктын удулу,
Курч болоттун тукулу,
Баа курган Манас тукуму,
Баатыр, салам кылдык – деп,
Эрдигиң сынап кабылан,
Сизди сынап турдук – деп,
Карсылдап күлүп канкорго
Калың кыргыз уркуң – деп,
Жети-Өзөнду жердеген
Жедигер сенин журтуң – деп,
Күлүп салам айталы.
Тоотoруну баш кылып,
Жедигердин күлүгүн
Көкжал шерге тарталык.
Чатакташпай, чырдашпай
Кокуй, курдаш, кайталык!
Адамдан бөлөк айкөлгө
Бир аманат, улуу сөз –
Бизге көзүң салгын – деп,
Аманат кылып айталы.
Кымбат сөз ушул билип ал,
Кыйыным курдаш, тилимди ал.
Кезигерге кезикпей
Кешик мындан катпасын
Кежирленип эр өлүп,
Журт кырылып жатпасын,
Жолугарга жолукпай
Жолубуз мындан катпасын!
Журт чуркурап эр өлүп,
Жети-Өзөн толгон жедигер
Жер-жерине жете албай
Өлүм болуп жатпасын.
Жардам болгон канкорго
Жаңжалдашып нетели,
Жан жабыла жедигер,
Аман элге кетели!
Астына барган каныңан
Семетей тирүү мен көрүп,
Түңүлүп келдим жаныман.
Семетей түрүн көргөндө
Жүрөгүмөн кап кетет,
Билегиме сап кетет,
Арстандын чын уулу
Айкөл шерге катылбай,
Мен азапка бөөдө чатылбай,
Катылбаска катылып,
Калың журт калса кырылып,
Калың дүмөк балаага
Жедигер калса урунуп,
Кыйын дүмөк чыр салып,
Кырдырып бизди салды деп,
Акмактыкты билбесин.
Айтылмыш мыш чын болсо,
Жети күндүн бири өлүм.
Танда макшар күнүндө,
Кыяматтын кыстоодо
Кыл көпүрө тайгакта
Айтылган ушак чын болсо,
Өз ыйманың айгакта
Урууучу Кудай урбасын.
Кылмышсыз журт чуркурап,
Ошол түрдү күнүндө
Канын доолап турбасын.
Канкор оңой шер эмес,
Канын төкпөй душмандын
Жатып берчу эмес» –
Деп, ошентип, эр Кыяз

www.bizdin.kg



Кепти ортого салды эле,
Канкор канга тийбестен
Кайра тартып кетели
Баатыр Кыяз балбандын
Бул айтканы акыл – деп,
Араң турган жедигер
Чуркурады макул – деп:
«Атаңдын көрү бу Кыяз,
Ааламдан бөлөк куу Кыяз,
Өч алуучу кара көк
Баатыр Кыяз деп жүрсөм
Жок бир сөздү кобурап,
Айтчу Кыяз турбайбы?
Дүмөк салып иш бузуп,
Кайтчы Кыяз турбайбы?
Жети-Өзөндө жатканда
Баатыр Кыяз турбайбы?
Арада кептен тантыган
Бу катын Кыяз турбайбы?
Бакылдайсың жедигер
Баатыр сендей болобу?
Эселек Кыяз кызыталак
Сени эрен деген оңобу?
Эс ойлондуң ой ойлоп,
Эгерде сендей оңобу?
Бейлиңе койсом сен Кыяз
Акылыңан шашасың.
Сенин беттешчү жооң Семетей
Бейли кара Кыяз кул,
Сен мынча неге качасың?
Өзөндүү булуң кең тайпаң
Өзүң көрчү эр Кыяз
Менин өрдөтө салар малым жок,
Менин өз тууганым Семетей
Мындан өлүмдөн аяр жаным жок.
Атаңдын көрү, эр Кыяз
Баатыр, сендей болобу?
Баш оору тийген немедей,
Баркылдайсың жөнү жок.
Сени баатыр деген оңобу?
Менин эмчектешим Семетей
Эзелки жиним бек кармап,
Мен эмчектеш менен жоолаштым,
Эзелки жиним кармаса,
Калың кара жедигер
Сенин элиңен кайра тартпаймын!
Мен Жылгындуунун боюнда,
Кең Таластын оюнда
Көк сүлөөсүн бөркүмдү
Ыргап турган кезимде,
Кошо билип кыргызды
Жыргап турган кезимде,
Мен карагай айза боолаштым.
Бир Кыяз сенин айыңдан,
Жатындашым Күлчоро
Мен Күлчоро менен жоолаштым.
Туугандан тартпас Канчоро
Жедигер сенден тартамбы?
Кыргын кылбай жедигер
Сенден соо кайтамбы?
Санап акыл, бүкмө акыл
Эченин ойлоп табамын,
Жедигерди эр Кыяз,
Байлап колго түшүрүп,
Сүрмөк болду чачымды.
Кесмек болду башымды.
Кутулуп колдон келдим – деп,
Курган көкжал баатырга
Ушунтип эбиң табамын,
Түгөл кырып журтуңду
Андан кийин жедигер
Жети-Өзөн көздөй чабамын,
Ээленип кетсем кокустан
Эсебиң жаман табамын,
Ачуулансам кокустан
Айылды журтуң кырамын.
Буурукма жиним кармаса
Бурч-бурчуңду түз кылам,

www.bizdin.kg



Булкунсам сага, күч кылам.
Бу замандын адамы
Унуткусуз иш кылам.
Ачуума тийсең жедигер,
Ак ала сакал карыңды,
Айдап кырам баарыңды,
Кайраты бар шериңди
Каарлансам жедигер
Кайра кырам элиңди.
Мен бир кутуртуп сүрөп көрөйүн,
Күлчоро кыраан бөрүмдү,
Эче угам сенин кебиңди,
Бүктөйүн сенин белиңди,
Бүлкүлдөбө жедигер,
Бүлүндүрөм элиңди
Таштагын мындай кебиңди,
Жөн эле талкан кылам көбүңдү.
Жети-Өзөн эмес, айткан жол
Топон суу бузбас Бээжиндин
Тобун бузган ушул кол.
Салууга белен сиздин шор
Жедигер уулу Кыяз зор
Калк башкарып, журт күтүп,
Жети-Өзөн жердеп турганда
Жакшы болгон экенсиң,
Бирөөнү сынап көз ачык
Бакшы болгон экенсиң.
Душман көрсөң жактайсың,
Атсыз калган канкорду
Анчалык неге мактайсың?
Мактасаң, макта жедигер,
Баатырың менден өлдүңөр.
Бууругуп, жиним кармаса,
Буурсунуң бурдурбайм.
Буй түшүрүп жедигер
Жети-Өзөнгө тургузбайм,
Шамыянын шайлатпайм,
Шаркырап шайтан кармаса
Эсиң кетет жедигер
Сага эгин-тегин айдатпайм,
Жердин жүзүн ачтырбайм,
Кочуштап тукум чачтырбайм,
Эгин азык айдатпайм,
Ээленчү болсом жедигер
Кан Жайлагың жайлатпайм.
Серелеп курут жайдырбайм
Чымыркансам жедигер,
Кышкы азыгың камдатпайм,
Ээленсем бээң байлатпайм.
Жаздын күнү болгондо
Жапа салып элиңе
Жадалдык кылам көбүңө
Жалдуу байтал мингизбейм,
Күздүн күнү журтуңа
Күздөөсүнө кондурбайм,
Күчөп жиним кармаса,
Жедигер сени оңдурбайм,
Кыйла жиним мунум бар,
Кыйланасың жедигер
Кылчылдабай угуп ал,
Кыйын мүшкүл мунум бар.
Былжырасаң жедигер,
Кыйла кылчу шумум бар,
Кыйланбай ук жедигер
Кыйын мүшкүл мунум бар,
Калың кара жедигер
Айзакерден ыктууң ук,
Акылга дыйкан мыктың ук,
Балбансынган шериң ук,
Кара көңүл эриң ук,
Кайраттандым жедигер
Таамай тургун айлайын.
Тантысаң бокту жедиңер.
Жети-Өзөндөн аттанып
Өч алганы турасың,
Жекеге чыгар кез келсе,
Ата, жерге кирген жедигер
Кимди шылдың кыласың.

www.bizdin.kg



Кыңкылдабай жедигер
Баатыр болсоң бек болгун,
Эрен белсоң жедигер
Убадага бек болгун,
Айгайлуу атыш саламын
Акылманың Канчоро
Артыгың аман барында
Ар балакет жаңжалдан,
Албан түрлүү балбандан,
Кармап жутчу эрлерден,
Койбой жутчу шерлерден,
Койгулашып жедигер
Ажыратып аламын.
Баатырлыктан озомун
Алмамбет, Манас, кырк чоро
Тири баары салышсын
Тим эле сени тозомун.
Акыл ойлоп жедигер
Арам өлүп жүрбөгүн,
Баары-жогуң кырылып,
Жаман өлүп жүрбөгүн,
Өрөпкүйсүң жедигер
Өз тапканың жылмайып,
Сасып өлүп жүрбөгүн,
Алапайың таба албай
Атаңдын көрү, жедигер,
Качып өлүп жүрбөгүн,
Айткан сөзүм билип ал
Ай, жедигер, тилимди ал!
Эс эстейсиң жедигер,
Ээлигип жиним кармаса
Сага тарткан торум бар,
Көрсөтө турган сонун бар.
Эр Семетей аба – деп,
Айта турган жообум бар,
Качып берсең кырууучу
Багылган дөө сонун бар,
Баш оорутпай жедигер,
Айткан сөздү билип ал.
Чабылбастан бүлүнбөй,
Кордук көрүп зар болбой,
Талкаланып кар болбой,
Жедигер муну билип ал.
Айттым кызык угуп ал,
Сени айдап, кырам мунум бар.
Ак сакалдуу карыңар,
Ук, жедигер баарыңар.
Катын өңдүү сөз кылбай,
Кайраттанып тургула,
Атсыз калган канкорго
Аябай согуш кылгыла,
Адам өңдүү бирлештик
Айткан кебим угуп ал!»
Өкүлдөдү Канчоро
Өкүргөндөн бакырып,
Жээлигип турду кайран эр
Жедигерди чакырды.
Шыбыраша калышып,
Күндөн калды жедигер,
Балбандар шерлери
Кол баштачу эрлери
Тилден калды жедигер.
Болоттон башка кеп айтпайт
Улук болду жедигер,
Кайра айтып тил айтпай,
Канчоро кандын алдында
Дудук болду жедигер,
Көк ала сакал карысы
Баш көтөрбөй жер чукуп,
Жедигердин баарысы
Уй мүйүздөп ийрилип,
Амалсыздан кол салган
Кокуйлугу көрүнүп,
Ачык айтар эркиби?
Бүлкүлдөшүп күүлөнүп,
Мыңк-мыңк этип жер чукуп,
Айласы кетип жедигер,
Канчорого сүйлөнүп:

www.bizdin.kg



«Каары жаман капырдын,
Жосуну жаман турбайбы,
Бу Канчоро баатырдын.
Жети-Өзөндө жатканда
Уламадан уладык,
Билгендерден сурадык,
Ачуусуна тийгенде
Манастын уулу шер чороң
Өз тууганын сойду дейт.
Кара жолтой Чорону
Канга батып жүрсүн – деп,
Канчоро атка койду дейт.
Семетейге уялаш
Көп көрүнөө болду дейт,
Уялаш болгон себеби, –
Казы кесип жегизип,
Энеси долу шордуунун
Оң эмчегин эмизип,
Киштелүү белин буудуруп,
Акбоз бээнин сүтүнө
Кириндирип жуугузуп,
Ээрчитип жүрүп эр кылып,
Эр уулу менен тең кылып,
Көп кааласа абасы,
Карыя айтса атасы,
Атасына ок атып,
Бул бузулган чочконун
Толуп жатат катасы.
Бул бадирек бузукту
Калк чуркурап чуу туруп,
Кан көтөргөн оңобу?
Атасына эле эр көкжал
Атасына ок аткан
Чубактын уулу бадирек
Чуулгандуу жуукуй кул
Муну кан кылган адам оңобу?
Эне экен деп санабай,
Абанын көөнүн карабай,
Азып жүргөн качкынды
Каралды кылган оңобу?
Бүгүн күндө кол каптап,
Семетейди жайласак
Бажылдаган чочко кул
Башкача бузук уул экен,
Баш көтөрүп калат ко.
Башчы болуп кыргызга
Куйкаланган кутургур
Маа не бир деп калат ко
Жедигер сырын билгенде
Миң сан чырын салат ко,
Ордо күтүп кан болсо,
Орун алып бий болсо,
Керегеге бутун артат ко
Кесиретти кутургур
Керней күүсүн тартат ко,
Семирип-сергип тоюнса
Балаалуу чырын баштайт ко
Жети-Өзөндө жедигер
Жерге кирсин бу бузук
Журтту бузуп таштайт ко.
Кара бейил тузу арам
Айыл конуп оңбойт ко,
Канчоро баштык болгон соң
Бирликтешип бир жерге
Жедигер айыл конбойт ко,
Бу Канчоро бизге барганда
Бу жерге кирген шер Кыяз,
Бул акыл билбес кер Кыяз,
Бу Канчоро экөө биригип,
Эзелде айыл конбойт ко.
Бу каргыш тийсин эр Кыяз
Канчоро барса оңбойт ко,
Жайкы семиз бугудай
Даңкаландап эр Кыяз
Же баштакыдай болбойт ко.
Бу кызыл-тазыл кымбат бул
Бул кырынан тартып бөлөт ко.
Кыяз эмес чородон

www.bizdin.kg



Жети-Өзөн суудa ээн жаткан
Капырай, жедигер бирди көрөт ко!
Бу каяшаяк бергенди
Кара ниет кутургур
Капырай, камчыга ченеп бөлөт ко.
Бу кутурган чоронун
Бузугун Кыяз көрбөйт ко,
Жети-Өзөнгө кан кылба,
Жерге кирген эр Кыяз
Эр Кыязды жай кылса
Жети-Өзөндө жедигер
Жаккан отун өчүрөт,
Калың кара жедигер
Жайына койбой көчүрөт,
Жадал салып кутургур
Жакындап консо оң кылбай,
Жедигер атын өчүрөт.
Туура балаа чыр салып,
Карасаат кутургур
Калың журтту буй кылып,
Туш-туш жакка кетирет,
Багыштын уулу Кыяздын
Кымызына кутуруп,
Абасын сойгон ант ургур
Бул кыйланы кылат жутунуп,
Жети-Өзөндү жердесе,
Өкүрө берсе кутургур
Өкүрүн жанга бербесе,
Аңкоо Кыяз жамандын
Акыл билбес арамдын
Айтканына көнөбү?
Өз тууганын жай кылган
Канды моюн капыр кул,
Акылынан шашкан кул,
Энесинен качкан кул
Кыйланы кылган жуукуй кул,
Өз мүйүзүн сындырып,
Өз жакынын өлтүрүп,
Акылынан кескен кул.
Адамга жаман көрүнүп,
Чын Кудайдан безген кул,
Бул өңдөнгөн кутургур
Адамга тууган болобу?
Айылдан безген бул акмак
Кыязга тууган болобу?
Аман болсоң көрөрсүң,
Канча мүшкүл атагын.
Өлгөнүңөн калганың,
Өлбөсөң көрүп аларсың,
Бул Канчороңдун чатагын.
Жети-Өзөн эли конгондо
Күлүккө куйрук сүйгүзөр
Аман болсо Кыязды
Күндө үч убак күйгүзөр,
Багыштын уулу Кыяздын
Күнкүл жүрүп сыртынан
Күндө ушак жүрүп журтуна
Казанынан аш кетер,
Ала карга таандай чуркурап,
Жедигерден баш кетер.
Бирөөнү бирөө көрө албас,
Жакынын сойгон Канчоро
Башын кессең тил албас.
Кордук көрөр эр Кыяз,
Козголоң дүмөк-чыр баштап,
Кою болбойт короолош,
Кара ниет капырдын
Кандуу моюн баатырдын
Ашы болбойт жороолош.
Басса-турса сындашар
Тутанып өлгөн Канчоро
Үч айдан кийин жоолашар.
Күрсүлдөгөн эр Кыяз –
Эр Кыяз эмес, шер Кыяз
Жакынын сойгон жадугөй
Ичи арам тууган болобу?
Кутуруп өлгөн арамды
Муну тууганым деген оңобу?

www.bizdin.kg



Калың кара жедигер
Жай билбеген бир дудук
Көр экен Кыяз каныбыз,
Кеп билбеске кеп айтып,
Кетти беле алыбыз.
Жай билбесе жай айтып,
Жаман кетти шайыбыз.
Башына балаа тилеген
Капырай акмак экен каныбыз.
Бу балаадан кутулсак
Кезеңче белди ашалы,
Кел, жедигер, туш-тушка
Аман кезде качалык.
Карасаат Кыяздын
Басканы туюк жол болот,
Жакын консо Канчоро
Балакет жаман козголот.
Байкабады эр Кыяз
Кыяз өзү турганда
Жети-Өзөндө жедигер
Таш каптасын бөлүнбөйт,
Жакындап барса Канчоро
Жан койчу түрү көрүнбөйт.
Кырк жыл бузук чыр чыкса,
Кыялдуу жакшы жедигер
Кыргын болсо бөлүнбөйт.
Жакын конуп сырдашса,
Тажаал экен Канчоро
Кылчайчу түрү көрүнбөйт,
Уруш десе урушуп,
Керишти кенен салалы
Биз кара журт, булар кан
Зордун тилин алалы,
Баш көтөрбөй кылкылдап,
Калың журттун баарысы
Жаман, жакшы карысы
Жерди чукуп былкылдап
Бүт жедигер баарысы
Кайра айтар жан калбай,
Каяша берчү жан калбай,
Жедигер журт жыйылып,
Лам деп айткан бир жан жок
Буугандай оозу тыйылып,
Буй болуптур жедигер,
Жетелесе басуучу
Уй болуптур жедигер.
Жедигер антип турганда
Доолбас катуу кагылып,
Жер токмоктоп Канчоро
Кол, аттан! – деп чаңырып,
Чаңырыгы баш жарып,
Өкүлдөдү Канчоро
Өкүрүгү таш жарып.
Каарды катуу баштады.
Кол чуркурап, чуу түшүп,
Кыжылдаган жедигер
Кырылып кете таштады.
Доолбас бекем кагылып.
Кол козголуп токтолбой
Айзасына жамынды.
Чуулгандуу Канчоро
Айдап алып артынан
Алек болуп, журт чуулап,
Канчоронун дартынан
Журт козголуп кол жүрүп,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Жалгыз көкжал баатырга
Жер бузулуп козголуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Айзакерден ыктуусу
Адырды алып кылкылдап,
Жаа тартуучу даңгылы
Бөксө менен былкылдап,
Жазбай аткан мергени
Кабак менен кылкылдап.
Белгилүүлөрү бетинде,
Берендери четинде,
Кынсыз кылыч колго алып,

www.bizdin.kg



Кыйкырык салып булгалап,
Канчоро чочко артында,
Мөндүрдү көр, окту көр,
Бөлүнбөй чыккан топту көр,
Айза сунган шерди көр,
Айбаты кыйын эрди көр,
Калың кара жедигер.
Мылтык атып, жаа тартып,
Октун үнү чуркурап,
Жаанын огу дыркырап,
Жан жабыла жедигер
Жабыла курчап келди эле.
Кылкылдап журтк эле,
Кызыр чалган султанды
Эми кырк эки курчап кетти эле.
Курчап кара жедигер
Тегеректеп алдырып,
Жазайыл жаа мылтык ок
Жамгыр кылып жаадырып,
Мөндүр сындуу ок атып,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жан-жабыла жедигер
Арбайып айза көрүнтүп,
Алып ийчү немедей
Адамдын көөнүн бөлүнтүп,
Кол чуркурап кылкылдап,
Айза, кылыч былкылдап,
Алаңгер жаа, сыр жебе
Айтса далай аңгеме.
Калың кара жедигер
Эрендери бөлүнүп,
Эң кайратсыз жаманы
Караан болуп көрүнүп,
Кол чуркурап, чуу болуп,
Айыкпаган дуу болуп,
Белгилүүлөр бетинде
Жадал салып бакырып,
Жеткилең кара жедигер
Кетирбей айдап сапырып.
Опол-Тоодой Канчоро
Колун айдап сапырып,
Арыслandай көз жайнап,
Алган экен Канчоро.
Кан ичмеси бек кармап,
Чамынганы жолборстой,
Чалышкан болбостой,
Дүмөк баштап, чуу салып,
Жедигер жыйнап, кол алып,
Жер жайната мол алып,
Айдап жетип келди эле.
Үркүн-түркүн түмөн кол
Тегиз жерге бата албай
Тегеректеп ошол жол,
Асты айбаттуу көкжалдын
Адам чуулап бата албай,
Машаа тарткан жедигер –
Баатырды көздөй ата албай,
Арысланына, шерине
Айкырып айза суна албай,
Аң-таң калды көкжалга
Жедигер бирөө бата албай.
Көкжал турат октолуп,
Жеткилең эрдин алдында
Нар Бууруlу жок болуп,
Каарынан жан чыгып,
Жедигер турат токтолуп,
Уска көргөн карысы
Уу ичкендей токтолуп,
Жедигердин баары.
Келбети бар карысы
Кол чуркурап лып токтоп,
Жедигердин баарысы.
Балбандары шерлери
Жай-жарак алып барбайып,
Канкор шерди көргөндө
Калың кара жедигер
Эсинен танып далдайып,
Эрендери бата албай,

www.bizdin.kg



Эстен танып, шалдайып.
Белесте жаткан белсенип,
Берендин жайы момундай.
Тулпары жок, аты жок,
Туйгун тууган эр көкжал
Туура жесе мына деп,
Аккелтени таянып,
Кылычтан кылып Зулпукор
Зулпукорду колго алып,
Зың-зың этип кенебей,
Жедигер каптап кетерин
Бучкагына теңебей,
Кыярып өңү кыл этпей,
Ата, Кыдыр чалган курган шер
Деги кабагы-кашы былк этпей,
Каптап кетип жедигер
Катуу жаңжал салсын – деп,
Мыкты болсо эр болсо,
Капкайда кегин алсын – деп,
Опол-Тоодой кайран шер
Көк арысландай курган эр,
Ак каңкыны жазданган,
Кыбыланы баштанган,
Зулпукорду салынып,
Козголбогон кайран шер
Кел бери – деп камынып,
Акканкы ээрди жазданып,
Кыбыла жакты баштанып,
Аколпокту жамынып,
Ой ойлонуп эр көкжал
Алптык түргө салды эле,
Алп эмеспи эр көкжал
Кыймылдабай, былк этпей
Султан жатып калды эле,
Калың кара жедигер
Баатыры Кыяз Канчоро
Мөндүр сындуу ок атып,
Тегеректеп калды эле,
Мына ошондо эр көкжал
Каарланып жол бүтөп,
Капа болуп кайран шер
Каңырыгы бек түтөп,
Көк арысландай көз жайнап,
Каалгадай кашка тиш
Карсылдата бек чайнап,
Эрте сөзү кеч болуп:
«Душман минтип турганда
Арбуурул болсо астында,
Аккелте болсо мойнунда,
Зулпукор болсо колунда
Чийбейт белем сызыкты,
Калың кара жедигер
Кылбайт белем кызыкты.
Буурул аттан айрылып,
Буудан ай – деп кайгырып,
Буту-кол сынып жөө жатып,
Буудандан өлмөк экенмин,
Бир төшөккө жатышкан,
Бир кызыкка батышкан,
Тай-кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Көлөкө кылган чоң караан
Азыр көрсөм тузу арам
Сыр билишкен Канчоро
Туугандан өлмөк экенмин,
Маңдайга бүткөн бир жалгыз
Көзүмдөн өлмөк экенмин,
Жаралганда Канчоро
Мен өзүмдөн өлмөк экенмин.
Асырап баккан кыргыз журт
Калкыман өлмөк экенмин,
Тууган деп жүрүп кайран жан
Бейлимден өлмөк экенмин,
Бөлөктөн өлбөй так эле,
Элимден өлмөк экенмин,
Кара болот Зулпукор
Көөлөгөндө өлбөдүм,
Кырк уруу кытай улуу журт

www.bizdin.kg



Кыйырын бузуп кыйратып,
Ээлегенде өлбөдүм.
Жетип чаптым Ооганды
Жети-Кайт жайдан соо калды.
Музду бузуп жол салдым
Букар менен Самаркант,
Аягы Кокон, Маргалаң,
Мынча жерге кол салдым.
Күнжуттун журтун күндө алдым
Мунусу аздык кылгансып,
Индистан чаап төрт алдым,
Карасын бузуп кан кылдым,
Канчалык журтту чаң кылдым,
Көз болгонду кемирдим,
Катылганды кайсадым,
Канга тоюп катыктым,
Канкордун уулу атыктым.
Ааламга кылдым чатакты
Андан өлбөй не болдум,
Ач болотун майладым,
Ачуума жиндеп тийгенди
Абыкени жайладым,
Көп жиниме тийгенде
Көбөшту көргө киргиздим,
Өчөшүмө кабылып,
Өз атамды жайладым.
Аргымакты көп бактым
Айлансын Буурул буудандан,
Азамат-шерди көп жыйдым
Айланып кетсин береки
Абыке, Көбөш туугандан.
Жетип чаап, олжо алып,
Кармашып дөө, чоңду алып,
Көрмөк болгон экенмин.
Дөөдөн өлбөс кайран баш
Багып алган бадирек
Өздөн өлмөк экенмин.
Өзү уялаш Чоронун
Көзүнөн өлмөк экенмин,
Тууган багам деп жүрүп,
Белде калмак экенмин,
Кузгун учуп чыга алгыс
Мен бир чөлдө калмак экенмин.
Кол кайрыбай урушуп,
Чоктон өлмөк экенмин,
Адам түрү такыр жок
Боктон өлмөк экенмин.
Жакынсынган Чородон
Көрмөк болгон экенмин,
Жалпы кара жедигер
Каралды кылган куу журттан
Өлмөк болгон экенмин
Калың кара жедигер
Миңдей балаа чырымды
Кылып салбай не болдум,
Кыжылдатып кылычтап,
Кырып салбай не болдум,
Билген чырды бу журтка
Кылып салбай не болдум
Аласын ала качпасам,
Атаңдын көрү жедигер
Мунун ак теңге булун чачпасам,
Куласын кууй качпасам,
Куржундап булун чачпасам,
Эренин аңдап кырбасам,
Бул элине зордук кылбасам,
Кутургурга тил алып,
Кулжуңдаган жаман журт
Адам, мылтык атып жаа тартып,
Кулжуңдады жаман журт!» –
Деп, ошентип, эр көкжал –
«Таласка курган багы жок,
Талтаңдап жатчу чагы жок.
Кең Колго курган багы жок
Керилип жатар чагы жок,
Казатка минер буудан жок,
Каралды кылган Күлчоро
Кагылайын тууган жок,

www.bizdin.kg



Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Берите беш кол сунганда
Мендеге буйрук кылганда
Киргизбейби казган көр,
Жоготпойбу кара жер
Өлүмдөн корккон оңобу?
Ай-ааламдын баарынан
Өлбөгөн адам болобу?»
Артык тууган кабылан
Анталаңдап шашпастан,
Кыйшайбастан кылт этпей,
Аколпокту жамынып,
Айкөл шер турду былк этпей.
Өлдүмбү деп кенебейт,
Жедигердин сан колун
Кызыр чалган кыраанын
Кындырына теңебейт.
Боз тумшуктай барбайып,
Боз сеңир тоодой дардайып,
Болбой көкжал жатты эле
Кара ниет Канчоро
Семетейдин өлөөрүн
Тилеп алган Чоро экен,
Жедигердин Кыязын
Жетип айза сайгын деп,
Сүрөп алган кези экен!
Тоодой тору ат минип,
Жай-жарагын жайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Оролмо-Тоону айланып,
Кол салууга тап коюп,
Айры белес акыстан,
Ат өтпөгөн жапыздан
Атайы карап көрдү эле:
Боконосу болкулдап,
Эси чыгып солкулдап,
Жедигердин эр Кыяз
Туулуп Кыяз болгону,
Кыяз атка конгону
Балаалуу мындай көрбөгөн,
Семетей түрүн көргөндө
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Түк көрүнбөй жыйганы,
Айза бою боюнан
Алыстады ыйманы.
Эстен танып эр Кыяз
Акылынан шашканы,
Антаң уруп, чу коюп
Канчорого качканы:
Качып барып муну айтып,
Тим кебинен салды эле
Ашып-шашып ал Кыяз
Каны качкан кубарып,
Эрдиги качкан чунайып,
Көп сүйлөсө дирилдеп,
Сакал менен муруту
Каны качып бириндеп,
Буту кетип салактап,
Бөрү көргөн улактай
Көзү кетип алактап,
Жагынууга эп таппай
Энтең уруп эр Кыяз
Канчорого кеп таппай
Айры белес кайкаңды
Ашкан бойдон барды эле,
Мойну кетип узарып,
Кулак, башы кызарып,
Кулжуңдаган эр Кыяз
Канчорого барды эле.
Канчорого барганда
Тизеси кетип бүгүлүп,
Тилден калып күйүнүп,
Эт бышымга жөн эле
Эстен талып күйүнүп.
Кыяз кепти салды эле:
«Айланайын, курдаш ай,

www.bizdin.kg



Багыш атам кууганы,
Толготуп энем тууганы,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Калк башкарып, журт күтүп,
Кайран Кыяз мен болуп,
Жедигер түмөн чогуу эле,
Жедигерди башкарып,
Ошондой Кыяз шок элем,
Мындай баатыр көкжалды
Түк көргөнүм жок эле.
Телегейи тең экен,
Беттеп адам баргысыз,
Мендеден бөлөк неме экен!
Карай калса, кан чыгат,
Кабарынан жан чыгат,
Калың жара жедигер
Калк чогулуп, чуу туруп,
Канкорго киши барабы?
Кыймылдаса, ал көкжал
Кылым тирүү калабы?
Сыягы бөлөк, заары күч
Бу достуңдан күдөр үз.
Айза сунуп күйүнүп,
Аманат жандан түңүлүп,
Айттым тилим алыңыз,
Сырдаш өзүң барыңыз,
Айланайын жан курдаш,
Билгендей өзүң сайыңыз.
Каары күчтүү канкордон,
Баатыр, арачалап калыңыз,
Билгениңдей сайыңыз,
Соолтпостон бу жанды
Баатыр соогатка сурап калыңыз.
Арстан түрүн көргөндө
Акыл качып, ал кетти,
Өңүнөн кызыл кан кетти,
Баргын десең жан курдаш
Достуң Кыяз кандан жан кетти».
Муну айтып Кыяз жалдырап,
Канчорого жүрдү эле,
Каарын төктү Канчоро,
Калайманды баштады,
Түп көтөрө жедигер
Кырып ие таштады.
«Баатыр Кыяз деп турсам,
Капыр Кыяз экенсиң!
Өз дүйнөңдү өрөпкүп,
Шашчу Кыяз экенсиң,
Түп көтөрө таптакыр
Туруп кырып салбасам
Канчоро болбой өлөйүн
Кандарыңды, бектериң
Ар качандан бир качан
Калжырайсың сен Кыяз
Калтырбай кырып кетейин,
Баатыр Кыяз дей бердим
Капыр Кыяз экенсиң,
Эзелде эки болбогон
Жакыр Кыяз экенсиң,
Душман мактап отурчу
Бакыл Кыяз экенсиң,
Түбүң эки болбогур,
Сен жакыр Кыяз экенсиң.
Элден мурда эр Кыяз,
Эселек сени жайлайын,
Андан кийин жедигер
Жети-Өзөн көздөй айдайын.
Өрөпкүйсүң сен Кыяз
Өзүм башың кесейин,
Калың кара жедигер,
Жедигер сенден безейин.
Кол салбаган себебим –
Баатыр көкжал канкорго
Бала болуп, мен калдым,
Аба болуп, ал калды.
Ээчип жүрүп эр болдум,
Эр уулу менен тең болдум

www.bizdin.kg



Жетим жүрүп жетилтти,
Жергеге жанды кошту эле,
Ини болуп мен калып,
Ага болуп ал калган,
Атаңдын көрү, сен Кыяз,
Арт жагынан бар Кыяз,
Аңдып айза сай Кыяз,
Ээленген көкжал канкордун
Эптеп башын ал Кыяз.
Бу тилимди ал Кыяз,
Бу тилимди албасаң
Баштыгыңа кыламын,
Баарыңа бирди кыламын!
Ырастап айтып ырымды,
Ырас айттым чынымды,
- Жаак оорутпай барыңыз,
Ушунтип айза сайыңыз,
Казаң жетсе өлүңүз,
Кан экениң чын болсо
Кармаш кылып бериңиз».
Каарланып Канчоро
Кан кайратын салыптыр,
Калың кара жедигер
Баары чогуу калдайып,
Аттан түшүп калыптыр.
Тобокел, өлсөм мейли – деп
Тоодой болгон эр Кыяз,
Каарланып жайланып,
Кара болот айза алып,
Арт жагынан айланып,
Баатыр Кыяз барды эле,
Баатыр шерге айзаны
Арт жагынан сайды эле,
Асмандагы боз кисе
Боз кисенин бети деп,
Өпкө-боордун чети деп,
Камбыл тууган эр Кыяз
Качырып айза сайды эле,
Кабырганын көк этти
Төөнөй сайып салды эле,
Эки түгөй кабырга
Өөнөй сайып салды эле.
Мына ошондо көкжал шер
Тооторуну тарткыча,
Айза менен бир муштап,
Аңтаң уруп качкыча,
Белен турган Зулпукор
Кармай калып сабынан,
Суурул алып кабынан,
Зулпукор колго алды эле.
Айгай салып бакырып,
Камчы уруп Кыяз качкыча
Серпип ийсе сексен төрт
Серп алганы кызыл өрт
Зулпукор колго алды эле,
Тооторучан Кыязды
Жоготууга айкөл шер –
Шилтеп туруп калды эле,
Ак күбөнүн этегин
Эше чаап салды эле,
Тооторунун томугун
Жармын жара чапты эле.
Өкүргөндөн бакырып
Айласын таппай эр Кыяз
Атасын айтып чакырып,
Акылдан артык шашты эле,
Калың кара жедигер
Калкына кире качты эле.
Адамдан айза жебестен
Алсыздан айза жедим деп,
Баканоoз чыгып ишиме,
Бүлдүргүч чыгып кишиге
Өздөн кордук көрдүм деп,
Арыслан элем, карттым деп,
Акмактар колу тийген соң,
Алда таала кудурет
Аманатың тарткын деп!
Азаланып шер көкжал

www.bizdin.kg



Телегейи тең көкжал
Текши баары тең эле,
Ичин көрсөң канкордун
Жер жүзүндөй кең эле.
Ачуулуу айбат салбаган,
Укурук кайрар калбаган,
Ушундай көкжал неме эле.
Кабырга төөнөй сайганга
Канкор терең тардыгып,
Кыяз айза сайганга
Кымбат төрөң ардыгып,
Ардыгары сында жок,
Каран кылган Күлчоро
Уялашы мында жок.
Кеп айткан Бакай заты жок,
Астында Буурул аты жок,
Айры белес кайкаңда,
Сеңирлүү тоонун урчугун,
Секичектин тумшугун
Ээлеп өлөр күн беле?
Ит-куш колу көп тийип,
Айры белес акыста.
Ат өтпөгөн жапызда
Жөөлөп өлөр күн беле?
Кадыр Алда кудурет
Кана, алсаң жаным мына – деп,
Супту тонду салынып,
Мурунку Манас көкжалдан
Мурага калган Аколпок
Аколпокту жамынып,
Чылгый ичи өрт болуп,
Чыдай албай күркүрөп,
Чын көкжалың жатты эле.
Көкжал минтип турганда.
Кудай бетин көргөзбө,
Коктудан шамал табылып,
Тоо-тоодон туман жабылып,
Күн батыш менен күн чыгыш
Күркүрөп булут кабылып,
Кырандан шамал табылып,
Чөп кыймылдап сөгүлүп,
Асмандан аяктай мөндүр төгүлүп
Жер силкинип кыбырлап,
Булак ташып, тоо көчүп,
Асмандан алты сай мөндүр
шыбыргак,
Жер силкинип бөлүнүп,
Көктөн көк кашка мөндүр төгүлүп,
Күн бузулуп кыш болуп,
Колго келген жедигер
Кыңшылаган кыз болуп.
Караса көзгө илинбей,
Бу дүнүйө караңгы
Кайсы экени билинбей,
Күн бузулуп, түн түшүп,
Кудай бетин көргөзбө,
Капчал урап тоо көчүп,
Жер бүлкүлдөп, аң болуп,
Жедигер башы маң болуп.
Аңгектин баары тыгындап,
Арыктын баары жыгындап,
Артык мүшкүл болду эле.
Мына ошондо Күлчоро
Көкжал абам кайда – деп,
Көңүлдөрү бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Чама чарчап, ал кетип,
Кубат качып, зар этип,
Чымындай куу жан кыя албай,
Чын көз жашын тыя албай,
Мурундан булак суу жүрүп,
Көздөн көлчүк суу токтоп,
Көкжал тууган Күлчоро
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанды өзү кыя албай,
Чимкиригин жыя албай,
Көздүн жашын тыя албай,
Шыпылдай басып аянып,

www.bizdin.kg



Сырбаранды таянып,
Кең дүнүйө тар болуп,
Тулпар минбес шер Чороң
Туура чуркап кар болуп,
Туйгун шери Семетей
Бир көрүүгө зар болуп,
Айырмачтай акыска,
Ат өтпөгөн жапызга,
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз малдан чубама,
Чубамалуу кысыкка,
Түгөнгөн тоонун урчукка,
Түз болгондун тумшукка,
Күлчоро чыгып келди эле.
Жолборстон кайра тартпаган,
Аюудан кайра кайтпаган,
Абакең кандын Актайган
Талаада кызмат кылыптыр,
Азуулуну талкалап,
Боз сеңирдей жыйыптыр.
Канкор жаткан жерине
Түк эчтеме жолотпой,
Кызмат кылып туруптур.
Абакем кандын Акшумкар,
Жырткыч, кузгун, көк жоору
Буларды үйдөн кырыптыр,
Адам эмес, айбанат
Абама кызмат кылыптыр.
Мураага абам жетиптир,
Боз кисе таштап аманат,
Болжолу жок шер абам
Кайып болуп кетиптир.
Перизаада Көкмончок
Берен катын Чүрөктүн
Бейбактын жалгыз синдиси,
Кайыпчынын тоосуна
Ала качып кетиптир.
Уккус кылган кулагын
Зыйкыр байлап, дуба окуп,
Уккус кылып кулагын,
Жадалап окуп, күч кылып,
Адам көрбөс иш кылып,
Дуба төгүп, көз байлап,
Мурасына жетиптир.
Акшумкар менен Актайган
Ажыратпай сыйкырлап,
Кошуп алып кетиптир.
Тили мөөрлүү жан экен,
Перизаада Көкмончок,
Тилеги кабыл келбесин,
Тим зыйкырчы ал экен.
Кайыпчынын үңкүргө
Кайып болду Семетей.
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Мына ошондо Күлчоро
Амалын таппай дал болуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый кан болуп,
Чыркырап ыйлап, кайгырып,
Чын көкжалдан айрылып,
Мына ошондо Күлчоро
Алтын жаак айбалта.
Артык кармап имерип,
Оролмо-Тоонун тумшугу
Сеңириндей абам деп,
Өкүрүк салып жиберип,
Оң бөйрөгүн таянып,
«Ойронум абам!» – деп ыйлап,–
Сол бөйрөгүн таянып,
«Солтонум абам!» – деп ыйлап,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанды өзү кыялбай,
Капчал бузуп бакырып,
Кан абалап чакырып;
Мына ошондо Күлчоро:
«Белеске чыккан карагат,
Безилдетпей Чорону

www.bizdin.kg



Берен абам ала жат!
Таласка конгон айлыңды,
Кагылайын кан абам
Таба албадым дайныңды,
Кең-Колго конгон айлыңды
Кокуй, абам, үлкөн тоом,
Сенин табалбадым дайныңды.
Арга кошо артсаңчы
Колтукташа жатканга
Бир бооруң Күлчороңду тартсаңчы,
Жолборсум абам кабылан,
Чороңду жолдош кыла жатсаңчы!
Эй, кагылайын кан аба,
Сенин кара жаак айбалтаң
Муну кайкалатпай ким аштайт?
Мына калың кыргыз, көп аргын
Капалантпай ким баштайт?
Асмандан түшкөн зулпукор
Ач билекке ким илер?
Айкырып кытай жоо кирсе
Айгайлатпай ким тозот?
Эсилим, сенден айрылып,
Ай караңгы түн болор,
Айлыңа чеге ким болор?
Кокуй күн, абам кантейин,
Өткөрө султан абамдын
Өлгөнүн тиктеп көрбөдүм,
Колум менен көмбөдүм
Кызык туура кылбадым,
Зыйнатында турбадым,
Миң кара сур кур союп,
Миңдеп-сандап сур союп,
Кара ашын толук бербедим,
Кымыз менен жуудуруп,
Кымбат менен буудуруп,
Кагылайын кан абам,
Колум менен көмбөдүм!» –
Деп, ошентип, Күлчоро
Өксөп ыйлап тургуча
Таң кашкайып сүрдү эле,
Жерден кара буу чыгып буркурап.
Туман таркап чачылып,
Күн чайыттай ачылып,
Тоо башында томуктай булут
калбастан,
Күн туптунук ачылып,
Түздөн торгой чуркурап,
Өзөндөн муздак жел жүрүп
зыркырап,
Жан-жаныбар ойгонуп,
Талаа-түздөн чуркурап,
Тоо-тоонун башына
Күн жабылып бөлүндү,
Жердин жүзү жаркырап,
Туптунук болуп көрүндү.
Үч-Кошойдун оюна
Күлчоро көзүн салды эле:
Таластын курган боюна
Жаңырып бою бакырып,
Бир бөлүгү ал элдин
«Манастап» ураан чакырып,
Бакырыгын байкасаң
Бөлөкбайдын бакырык,
Төкөр уста Бөлөкбай
Көктөн жылдыз боз болгон,
Дөөтү менен дос болгон,
Кайыбынан кабылган
Мурунку өткөн Манаска
Мураа болуп табылган,
Барскан алса үйлөшкөн,
Дөөтү менен Бөлөкбай
Кадимкидей сүйлөшкөн.
Төкөр уста Бөлөкбай
Барт-Көлдүн мандай бетинде
Кырк калча менен Бөлөкбай
Казынанын четинде,
Дардайып ээн жатканда,
Канчоро, Кыяз калың кол,

www.bizdin.kg



Казына каптап жетиптир,
Куудай сакал кубарткан
Кузгундай көзүн кызарткан,
Кырк калча менен Бөлөкбай
Карсылдашып кетиптир.
Маңдайлашып турушуп,
Бакандашып урушуп,
Железден айгыр минишип,
Жерден бакан алышып,
Жан жабыла салышып,
Кыйла журтун кыйратып,
Кыйын уста, кырк калча
Кыргын кылып кырк башка
Кыйла эренин кырыптыр.
Маңдайлашып турушуп,
Канчоро менен Бөлөкбай
Карсылдашып урушуп,
Канчоро, Кыяз эки кан,
Карып келген Бөлөкбай,
Каяша берчү кайсы жан
Кырк калчасын кылычтап,
Кызыталак Канчоро
Кыргын кылып кырыптыр,
Кыйгайынан аттырып,
Кыязы болгон жарадар
Чопкуттун баары тытылып,
Чоң, айза белден тытылып,
Картайганда карыя,
Кайран уста Бөлөкбай
Катуу кыргын салыптыр.
Бөлөкбайдын Текесур,
Текесур мойнун ок кесип,
Чоң Кең-Колдо калыптыр,
Чогуу каптап жедигер
Кан абасы Бөлөкбай
Карсылдакка алыптыр,
Төкөр уста кылдатты
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарыптыр,
Берениm абам өлбө – деп,
Тарчылык түшүп кан абам
Талаанды мынча көрбө – деп,
Бөлөкбайды жайлаптыр.
Казынаны калтырбай
Куп талоонду салыптыр,
Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас
Адам өлүп, кан агып,
Талоонго түшүп калыптыр.
Семетей атын жоюптур,
Канчоро кандын эли – деп,
Журттун атын коюптур.
Мыктуусу Кыяз карысы
Канчоро канкор анысы
Жаңырыктын жонуна,
Чыккан экен кутургур,
Чоң Таластын боюна,
Канча түмөн жан болуп,
Канчоро, Кыяз кан болуп,
Үйрүлмөнүн сазына
Үйрүлө жыйын кылыптыр,
Чогулманын сазына
Чогуу жыйын кылыптыр,
Тапкычташып табышып,
Куугучташып алышып,
Кепти ортого салышып,
Калың кара жедигер
Калбай кел деп чакырып,
Каарын салып бакырып,
Канчоро кеп баштады.
Калың кара жедигер
Аманат жандан түңүлүп,
Кырылып кете таштады.
Улуктары, шерлери
Элүү башы, жүз башы,
Эң төмөнү он башы,
Эл баштаган эрлери
Баарың кел – деп бакырып,
Калың кара жедигер

www.bizdin.kg



Калтырбастан чакырып,
Калың кара жедигер.
Калбай чуулап калк келди
Калың элге бакырып,
Кан Канчоро ант келди:
«Кызыталак жедигер,
Кыйынды жайлап таштадык,
Эми эмине дедиңер?
Калбай чубап калкың кел,
Калк башкарчу жалпың кел,
Кара жолтой жедигер
Калбай чубап жалпың кел.
Кызыталак канкордун
Айза имерип ок кылдык,
Айкөл шерди жок кылдык,
Казына талап жылкы алып,
Олжого канып ойлоттук,
Казынасын көп талап,
Төкөр уста Бөлөкбай
Дөөтү кулун сойлоттук.
Баатырларын байладык,
Берен шери Семетей,
Семетейин жайладык,
Калың кара жедигер
Кесиреттүү арамдар
Кең-Кол ашып жол салдың,
Адырда жылкы алты сан
Көп жылкыга кол салдың,
Жедигер өзүң болгону
Минтип качан олжо алдың?
Кысырдын семиз тайын жеп,
Эчкинин тоңгон майын жеп,
Эсирдиң го жедигер!
Эрениң атсыз жөө калган
Ага эмине дедиңер?
Айта турган кебим бар,
Кыжылдабай жедигер
Бу кебиме кулак сал,
Бөлөгүн айтып нетесиң,
Калаасын бузуп талкалап,
Катынын алып олжолоп,
Канкордугуң өтөсүң,
Мураага минтип жетесиң.
Ээ, жедигер жаман журт,
Олжо алганга коонуп,
Бул алганга жоонуп,
Күрпүлдөйсүң өтөсүң,
Күлчоро шер ал аман,
Калың жара жедигер
Ошону тирүү таштап кетесиң.
Телегейи тең ошол,
Атагы канкор дебесе,
Семетей эмес, Күлчоро
Ай-ааламдан эр ошол,
Өзөндөй бузат көчүңдү,
Өрттөп алат өчүңдү!
Айдарлууңду* кул кылат,
Катындарың тул кылат,
Жалынса укпайт кебиңди,
Семирип алса Күлчоро
Сенин секиден табат эбиңди.
Өзөндүүгө өрт коёт,
Тулаңдуу жерди тутантат,
Кара суугa кан куят,
Жети-Өзөндөн көч алат,
Жеткилең кууп өч алат.
Тирүү калса Күлчоро
Эсебиңди табуучу
Эрикпей айлың чабуучу,
Сакалдууңду, карыңды,
Калтырбай кырат баарыңды.
Таш коргонуң талкалап,
Кумдан тамың куйкалап,
Талыңды кесип сулатып,
Тамыңдын баарын уратып,
Таптаза кырат баарыңды.
Күлчоро таап албасак,
Бир эсебин таппасак,

www.bizdin.kg



Тындым кылып ал кулду
Жедигер жаның бакпасак.
Эндиретет эбиңди,
Тирүүлөй казат көрүңдү,
Татытат чогуу тузуңду,
Талкан кылат узуңду,
Талап алат олжолоп,
Беш көкүл сулуу кызыңды,
Оңой Чоро ал эмес,
Ойлонбой койчу жан эмес,
Күлчоро арзан эр эмес,
Бир кыргын салбай токтолчу
Сени менен мен эмес.
Каканга кармаш кылганда
Эзкара канды ойлотту,
Кебез балбоо, кең өтүк
Келберсиген чоң улук
Коңурбай канды сойлотту.
Эзилдүү кара кытайда
Эзилип уруш кылганда,
Жанжууларын жалмады,
Манжууларын байлады,
Эңкейгенде эр сайды,
Элүүдөн катар тең сайды,
Кадууну бузуп жол салган,
Канча бирге кол салган,
Алпты союп катыккан,
Ай-ааламдын баарына
Артыкча көкжал атыккан.
Эрен да ошол, шер да ошол,
Ай-ааламды буй кылган
Артыкча көкжал эр ошол,
Байлашып баркы келбеген,
Чалышып чама жетпеген
Алыш кылып жөн эле
Арыслан тиши өтпөгөн,
Билеги жоон өзү шер,
Жоого камбыл артык эр.
Күлчоро жайын сураба,
Канга тоюп кат алган
Канзаададан бата алып,
Баланы багып алганда
Суук боор качып өтүптүр.
Кыйла адамды кыйнаптыр
Укмуштуу көкжал болорун
Көзү ачык Бакай көкмээ чал
Ошол көмүлгөн чочко сынаптыр,
Баланын жайы момундай.
Тирүү калса Күлчоро
Жортуп жүрүп мал табар,
Семирип-сергип алган соң,
Эл өөдөгө тартарда
Ат кара тил мезгилде*
Бетеге өсүп толгондо,
Кан жайлоо убак болгондо,
Жети-Өзөндө жедигер
Бедөөнүн чачын өрүп ал,
Беш-алты айдын ичинде
Аман болсо жедигер
Күлчорону көрүп ал.
Ал Күлчоро жоголбойт,
Күлчоро жоксон болбосо
Жети-Өзөн толгон жедигер
Ылайым ишиң оңолбойт.
Калың кара жедигер
Канча сөз айттым билип ал,
Жеткилең кара жедигер
Кыйла кеп айттым тилимди ал.
Адыр-күдүр Ак-Мойнок
Алкым жагын чалалы,
Жан-жабылып көп издеп,
Жадыгөйлүү кутургур
Күлчорону табалы.
Эски болот укуму,
Түп атасы Чылаба,
Чылаба кандын тукуму
Атасынан бабасы
Азабы мынча карачы.

159*

www.bizdin.kg



Кырк уруу эл кытайдан
Анжыт-жанжыт, дыңшадан
Айта салды мынча жан,
Жети атасы кан болуп,
Эл башкарып журт күткөн
Зарлардыгы дагы чын
Ай-ааламды буй кылган
Атасынан бабасы
Балакет жайын карачы
Мунун балбандыгы дагы бар,
Уламадан уладык
Билгендерден сурадык
Атакеси Алмамбет
Ак болотун майлаптыр,
Ачуусуна тийгенде
Атакеси Азизкан
Өрттөнүп өлгөн кутургур
Өз атасын жайлаптыр.
Жарым алыш укуму
Жадүгөй кандын тукуму
Атасы мытаам Чылаба
Кутуруп өлгөн Чоронун
Түпкү тегин сураба,
Кызыл желек зулпукор
Кармагандын тукуму,
Катылгандын баарысын
Жайлагандын өз уулу,
Тутанып өлгөн Чоронун
Түбү түптүү уу болгон,
Катылган жери чуу болгон,
Канкор тууган төрөгө
Ал өрттөнгүр туу болгон.
Зың-зың этип кенебес,
Каарына тийгенди
Бучкагына теңебес.
Жет-Кайтты бузуп жол салат,
Жедигер журт сен эмес,
Ай-ааламга кол салат,
Түбү кытай атагы,
Түгөтпөсөң Чорону
Түбүнөн чыгат чатагы.
Кызыталак Чоронун
Кытайда жок санаасы,
Кара кандын шаарынан
Семетей кайра келгенде
Кыргын болуп кырк чоро
Семетейден чабылган,
Ымыркай бала кезинде
Эне-атасы такыр жок
Ал кутургур табылган.
Берендигин карачы,
Бүгүн да Манас баласы,
Семетей анын агасы,
Аздап белин буучу,
Калың кара жедигер
Семетей кунун кууучу,
Кете берсең бир кул – деп,
Кулдун куну бир пул – деп,
Кул эртеси кутурчу,
Кыязың союп кыйратып,
Жедигер саа жутунчуу.
Уйпаланып узунду
Чорону койсок жайына
Олжолойт келин-кызыңды». –
Канчоро мындай деген соң,
Калың кара жедигер
Чуулап турду макул – деп,
Кан кебине кайруу жок,
Баары журт чуулап макул – деп,
Багалык жар-жорону,
Табалык көкжал Чорону,
Канчоро кебин алалы,
Аман таштап Чоросун
Бай өлгөн кулдай барбактап,
Бек кубанып дардактап,
Жети-Өзөн кантип баралы?
Жедигер чуулап кеп кылып,
Убаданы бек кылып,

www.bizdin.kg



Жалпы кара жедигер
Жана Кыяз, Канчоро
Жабыла атка минди эми,
Жан-жабыла жедигер
Күлчоро издеп жүрдү эми.
Керней-сурнай тартылып,
Келип дүрбөп жүрдү издеп.
Керишти кенен салууга,
Күлчоро таап алууга,
Таап алса чорого,
Билген чырын салууга,
Кастарын тигип жедигер
Ойлору кармап алууда.
Чер оору болгон кайгырып,
Айры белес кайкаңдан
Абасынан айрылган.
Мына ошондо Күлчоро
Өлөйүн деп өлө албай
Өз жанын өзү кыя албай,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Алтымыш мүшкүл, миң балаа
Төбөгө жакын көрүнүп.
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай
Каарданып кайгырып,
Катуу балаа, бек мүшкүл
Канкорунан айрылып.
Өлөйүн дейт жан таттуу
Кирерине жер катуу,
Бел байлаган белинен,
Айрылып көкжал шеринен,
Күйүтүн чороң тыя албай,
Чымындай жанды кыя албай,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Бел байлаган бели жок,
Белгилүү канкор шери жок,
Каргылуу Кара-Тоосунан,
Канкорунан айрылып,
Чоң Кең-Колдун оозунан
Тутам болуп көргөн күн,
Качанкы болуп ушул күн,
Табылгылуу колоттон
Талыкты чоро айрылып
Таптап койгон болоттон,
Кара соңкок колоттон,
Айрылды чоро канетет,
Каралды кылган болоттон.
Ошо кезде чородо,
Качып кирер токой жок,
Кара кылар огой жок,
Ала-Тоо зоңкок керүү жок,
Каран кылып отурган,
Кабылан көкжал шери жок,
Корголорго жери жок.
Кире качар көрү жок,
Каралашар тууган жок,
Казатка минер буудан жок,
Көп өксүдү кайгырып,
Кара кылган абасы,
Семетейден айрылып,
Чама чарчап, ал кетип,
Каралды кылган канкору,
Кан Семетей эр өтүп,
Боздоду чоро минетип,
Каарланып кайгырып,
Карааны тоодой канкор шер
Семетейден айрылып,
Мына ошондо Күлчоро
Кең күдүргө токтоду.
Кейип-жанып чок болуп,
Абакесин жоктоду.
Ак болоттон айза алып
Боолап турган чагымда,
Менин айкөл абам барында
Мында өлбөй не болдум?
Кара болот көк калкан,
Ыргап турган кезимде,

www.bizdin.kg



Канкор абам эл бийлеп,
Жыргап турган кезимде,
Курч болоттон кылычты
Кармап турган кезимде,
Касташканым Каканчы
Жайлап турган кезимде,
Канын кармап талкалап,
Күнүмүн толук чагында,
Кан абам көкжал барында,
Мында өлбөй не болдум.
Тоо бузулуп таш кулап,
Белде калмак экемин,
Жердин жүзүн суу басып,
Томуктай болуп томпойгон
Жерде калмак экемин.
Басарга буттан айрылып,
Жылан болгон экемин,
Жал-куйруктан айрылып,
Кулан болмок экемин,
Кабыландан айрылып,
Өксүп ыйлап кайгырып,
Жаман өлмөк экемин.
Чымындай жаным чыркырап,
Сай-сөөгүм быркырап,
Жаман өлмөк экемин.
Түйүлсөм кайра чыга алгыс
Кырк аркан салсам бойлобос
Орго түшкөн экемин.
Кол-буттан нерсе калбоочу
Корго түшкөн экемин.
Мөңкүсөм үзүп чыга алгыс
Торго түшкөн экемин,
Тирүү кайра кутулгус
Торго түшкөн экемин,
Казылган экен биздин жол
Кайнаган экен таалай шор
Кабылан шерден айрылып,
Байланган экен эки кол.
Түгөнгөн экен биздин сөз.
Абакемен айрылып,
Бүгүн чукулган экен эки көз.
Түгөнгөн экен көрөр күн,
Байланган экен кайран тил
Өрттөнгөн экен сайган бак,
Түгөнгөн экен көрөр чак!»
Деп, ошентип Күлчоро
Агарып өңү суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп.
Буркурап ыйлап аянып,
Алтын жаак айбалтаны таянып,
Мууну сары суу болуп,
Жер мунарып дуу болуп,
Дүнүйө жүзү түн болуп,
Түйшүктүү мүшкүл иш болуп.
Каарланып, Күлчоро
Тогуз күн жүрүп аралап,
Калган экен байкушуң
Токсон жерден жара жеп,
Чамаа чарчап, ал кетип,
Денеден кара кан кетип,
«Кокуй күн абам өлбө – деп,
Кордукту куу жан көрбө – деп,
Кечээ атамды Кудай алганда
Эне-атадан айрылып,
Ымыркай кезде калганда
Асырап сактап эр кылган,
Абам эр уулу менен тең кылган,
Шер экеним билгизген,
Моюнуна мингизген,
Курсагы ачып калар – деп,
Казыдан кесип жегизген,
Чын бир тууган болсун деп,
Энекем Каныкейдин эмчегин
Тең бөлдүрүп эмизген
Аргын менен кыргызга
Бизди качан кул-кутан дегизген?
Эркелетип балдар деп,

www.bizdin.kg



Торудан куйрук тактырган
Жай аптабы тиер деп,
Көлөкөгө бактырган,
Жаныма жолдош болот деп,
Ээрчитип жүрүп баптаган,
Душманга кыргын салар деп,
Бет алган жоосун алар деп,
Ак болоттой саптаган
Айрылып калган жаманат
Каралды болгон Күлчороң
Какшантпай мени ала жат,
Эреним абам барында
Эркелеп тамак жечи элем,
Он сегиз миң ааламга
Ойрон абам бар болсо,
Кыргынды салам дечү элем.
Мен ак зоңкок элем жол болдум,
Айкөл шерден айрылып,
Артыкча жаман кор болдум.
Мен кагышка кирдим кайрылдым,
Өз тууганым жоо болуп
Кан абам, сенден айрылдым.
Алышкан милек, мен жалгыз,
Ашыгым жарып, ок тийип,
Айлана албай турамын,
Тооруган миң сан, мен жалгыз
Томугум бузуп ок тийип,
Толгоно албай турамын.
Айла таппай алсырап,
Амалым кетип кансырап,
Жан чыркырап ал кетип,
Дарман качып, муң кечип,
Абакемен айрылып,
Олтурамын мынетип.
Учарга канат кайкы экен,
Чын таалайым тайкы экен,
Көрөрүм чуңкур ор экен,
Өз тууганым Канчоро
Туугандык түрү жок экен.
Туугандан чыгып душманым,
Каралды шерден айрылып,
Арылбай турат бушманым,
Өзөгүмөн өрт күйүп,
Өз тууганым жоо болуп,
Көрөрүм калың шор болуп,
Асман ачык, жер бүркөө
Армандуу мүшкүл күн болуп,
Каңгырап калдым жаманат,
Катыгүн абам ала жат.
Картайган Бакай бабам жок,
Карааны тоодой абам жок,
Ушундай белең жалганчы
Атаңдын көрү, дүйнө бок!
Каңгырап басып кайгырып,
Каралды болгон Семетей
Семетейден айрылып,
Жалынса жанды койбогон
Жоого түшмөк болдум, ээ.
Чумкуп адам кече алгыс
Шумга түшмөк болдумбу.
Канатымдан ажырап,
Колго түшмөк болдумбу?
Кан койгун деп жалынып,
Жаман өлмөк болдук, ээ.
Кыстап келген жедигер
Кызыл мунар тоо эмес,
Кыстап жанды кыйгыдай
Же кытайдан келген жоо эмес,
Кара будур тоо эмес,
Каптап жаткан жедигер
Же калмактан чыккан жоо эмес.
Өпкө жарып, от алган
Бу жедигер соо эмес.
Кыргыз туруп ок атып,
Кытайдан бетер иш кылды.
Душман беттеп баспаган
Ала-Тоо эле жерибиз
Кара чепкен, ак калпак

www.bizdin.kg



Кайран кыргыз элибиз,
Карсылдатып ок аттың
Кайран журтум мейлиңиз,
Бурулган экен сыртыбыз,
Чиркин, бузулган экен журтубуз.
Бөлөкчө болду бейлибиз,
Бузулду кыргыз элибиз.
Же каканчы кытай жоо эмес,
Кытайдан бетер иш кылып,
Бузулуштук көөнүбүз.
Кабылан өлүп, күч кетти,
Бакты-дөөлөт бүт кетти.
Жылгынды, Кең-Кол, Таластан
Сары адырмак бел кетти,
Журт коргону Семетей
Кыргыздан абам шер кетти.
Каңгырап басып кайгырып,
Кан абам шерден айрылып,
Эки көзүм алактап,
Эки бутум салактап,
Чамаа чарчап, ал кетип,
Денемден кара кан кетип,
Дүйнө жүзү кар болуп,
Кайрат качып, ич күйүп,
Баса албай сөөк шалдырап,
Жашынарга кабак жок,
Чымын жан күйүп тар болуп,
Ашып каччу бел таппай,
Корголорго жер таппай,
Кордук көрүп Күлчоро.
Асмандан булут бүркөлүп,
Алтымыш мүшкүл бир келип,
Болкулдап басып аянып,
Атадан калган мурасы
Сырбараңды таянып,
Эрте айткан сөзү кеч болуп,
Куу жанды куптап кыюуга
Эки көзү төрт болуп,
Өксөп ыйлап, абам деп,
Өткөн Манас бабам деп,
Каралдың минтип турганда
Буурулду минип булкунтуп,
Ээлендирип жулкунтуп,
Толкуну тоонун селиндей,
Сыягы сырттан белиндей,
Сырты кара, боору көк
Сырттан абам кабылан
Жедигер кыстап турганда,
Бу кордукту кылганда,
Абакем карап турганда,
Калың кара жедигер
Бу кордугун кылсачы!
Айсарала ат минип,
Түпөгү жок айза алып,
Каарланып жайланып,
Кыны жок кылыч байланып,
Жалгызга жолдош болом деп,
Кыямат кеткен шер атам
Алмамбет карап турсачы.
Калың кара жедигер
Кастарын тигип ок атып
Анан зордук кылсачы.
Асман көктөй көрүнгөн,
Адам түгүл айбанат
Көрсө көөнү бөлүнгөн,
Саадагы керик белиндей,
Салмагы жанды жегидей,
Ай-ааламды шаштырып,
Алдындагы Кула атын
Алчаңдата бастырып,
Аккелтесин бир коюп,
Кезикен душман дыр коюп,
Билге жүктөп ок арткан
Каарлана келгенде
Каканчыны оп тарткан,
Беттеп менде жеңбеген,
Беттешкен өлбөй кетпеген,
Сыягы башка, заары күч

www.bizdin.kg



Сырттаным атам Манас кан
Ок өтпөсүн күлдүйтүп,
Ойрон карап турсачы.
Ушу турган жедигер
Жапа көргөн чорого
Анан кордук кылсачы,
Анан жанды кыйсачы.
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк ала калкан ойногон,
Көрүнөө түмөн жоо келсе,
Эт бышымга койбогон,
Көзү көргөн алыстан.
Жеке чыккан жарыштан,
Жеткилең Бакай даанышман
Баатыр сындуу бабабыз.
Бечера Бакай абабыз,
Белестен карап турбады.
Бейли бузук Канчоро
Анан зордук кылбады,
Анан жанды кыйбады,
Жетимиш буруу тил билген,
Өлүмгө беттеп жол жүргөн,
Көмөкөйүн кайраган,
Тартынып жоодон калбаган,
Эл алдында сайраган,
Беттешкен душман оңбогон,
Кеби бекер болбогон,
Алты айчылык азапты
Алыстан мурун ойлогон,
Көк теректин күлдөрү,
Көкжал Манас тилмери
Аргын кандын Ажыбай
Айлакер карап турсачы.
Андан кийин жедигер
Бу кордукту кылсачы,
Билеги жоон, таш жүрөк
Бил мүчөлүү бадирек,
Кынсыз кылыч байланган,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланган,
Жет-кайт бузуп жол салган,
Жетимиш милек жоо келсе,
Жеке аралап кол салган,
Алтымыштын артыгы,
Кыраандардын кыйыны ,
Айзалуунун мыктысы,
Баатырлардын мыктуусу,
Кара болот кыргагы
Кан атам Манас Сыргагы
Жоо көрүнсө мыктаган,
Болотун канга чыктаган,
Сандап түмөн жоо келсе,
Өлсө качып чыкпаган.
Балбандын мыктуу убагы
Баатыр Манас Сыргагы.
Ылаачындай ыктуусу,
Ободон жылдыз болжолу,
Алмамбет атам жолдошу,
Сыргак эр карап турсачы!
Сырты кара Канчоро
Анан кордук кылсачы!
Ач айкырык, куу сүрөөн
Алыштан кайра кетпеген,
Душманга туура беттеген,
Айзасын кочкул кан кылган,
Айбаттууну жай кылган,
Сары сырдуу сыягы
Кыргыздын маңдай караны
Акбалтай кандын Чубагы
Арысландын бирөө бу дагы,
Көк ок өтпөс тон кийген,
Көк ала тулпар ат минген,
Көрүнөө түмөн жоо чыкса,
Көз ирмебей бир тийген,
Көкжал Чубак эрениң
Көрүнөө карап турсачы,
Андан кийин Канчоро
Бу кордукту кылсачы.

www.bizdin.kg



Үзүктөй калпак эр Шууту,
Ырамандын Ырчыуулу,
Кыраандардын баарысы
Кутман кылган Кутубий
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Суу ич десе, уу ичкен,
Кыраан чоро калысы,
Кыраандардын баарысы
Кылчайып карап турсачы,
Андан кийин Канчоро,
Жедигердин эр Кыяз,
Бу кордукту кылсачы.
Чыркыратып куу жанды
Андан кийин кыйсачы,
Чама чарчап, ал кетти,
Чапчышарга чамам жок
Денемден кара кан кетти.
Жедигер каптап бүт келди,
Чымындай жанга күч келди,
Айыл качып бөлүндү,
Ажыдаардай каршы жоо
Көзүмө жакын көрүндү,
Жылгынды, Кең-Кол жер калды,
Аргын, кыргыз эл калды,
Эми Күлчоро кирчү көр калды
Кармап минер буудан жок,
Кара кылар тууган жок,
Качып кирер токой жок,
Каралашаар огой жок,
Каран иш мындай болорбу?
Бурулуп кетип кысталак
Астымда тулпар мал болсо,
Мурдагыдай ал болсо,
Чийбейт белем сызыкты
Ай ааламга абыдан
Кылбайт белем кызыкты.
Тандап минер буудан жок,
Жолдош болгон тууган жок,
Ичим жалын, сыртым чок,
Сырдашым абам мында жок,
Байкуш Бакай карыя
Баары абам ал өлсө,
Байкуш чоро мен өлсөм
Ай караңгы бүркөлсө,
Түнү кандай болор деп,
Карыганда Каныкей,
Карыган шордуу Бакайдын,
Күнү кандай болор деп,
Көмүүсүз Бакай калар деп,
Эңкейген кары, эсер жаш
Эсен калган куу дүйнө
Көмүлбөй бу да калар» деп,
Көп ойлонуп Күлчоро
Ар душмандын айынан,
Аманат жандын жайынан,
Каарлуу тууган кандарды,
Ката албай кайран жандарды
Алапайын таба албай,
Кең-Колду кечип өтө албай,
Кайыпчынын Кара-Үңкүр,
Кара-Үңкүргө жете албай,
Чымындай жаны чыркырап,
Дене бою жарадар,
Сай-сүйөктүн баарысы
Кум-талкан болуп быркырап,
Аалы така кең өтүк
Аягында далпылдап,
Абасы кандын боз кисе
Бу беренде шарпылдап,
Атасынын сырбараң
Ал колунда жаркылдап,
Сыр бараңды атууга
Кыяз менен Канчоро
Жон көргөзүп жатууга
Жалгыз атар дары жок
Жаман мүшкүл каран иш,
Күлчородо каруу жок.

www.bizdin.kg



Кең дүнүйө тар болуп,
Жан багуучу шилекей
Бир жутууга зар болуп,
Казы жебес Күлчоро
Карасаң жаман кар болуп,
Мууну бошоп, ич жайнап,
Чама чарчап, көз кайнап,
Күдүрдү беттеп аша албай
Үч-Кошойдун бөксөсүн
Боздоп чоро аша албай,
Кара-Буура, Чаткалды,
Кара зоңкок баткалды,
Карап чороң кете албай,
Бая белгилүү жерге жете албай,
Тамандын баары оюлуп,
Эрге жөлөк эки бут
Эбинен тайып союлуп,
Согончоктун калың эт
Ташка тийип жоюлуп,
Жалгыз терек, чук терек
Белески Беш-Таш оюнда,
Кан-Жайлоонун боюнда,
Адыр-күдүр баткалга
Асты жагы көп ыргай
Көк ыргайда Көк-Үңкүр
Көп дүйнөнү чачканда,
Кечээ төкөр уста байкуштун
Кордук көрүп качканда,
Коргологон жери экен,
Чыбырлуу булак миң жылга
Бакай кандын Үңкүрү
Баштатан көп журт дечү экен,
Кара-Үңкүргө Күлчоро
Качып кирди алсырап,
Айла кетип кансырап
Чама чарчап көз жайнап,
Дене бойдо бүтүн жок,
Кара кан агып шорголоп,
Кара-Үңкүргө корголоп,
Көргөн дүйнө тар болуп,
Ордого жатпас Күлчоро
Ал үңкүрдө кар болуп,
Качып кирип үңкүргө
Чыканактап тынч алып,
Чырым этип, уйку алып,
Жамбаштап жанды тындырып,
Жатып уйку кандырып,
Мына ошондо Күлчоро
Болжоп адам аша албас,
Борумдуу душман аша албас,
Боз ала кыр бел элем,
Боздон тоодак куткарбас,
Боз ала шумкар эр элем.
Жайнап-күйүп от болуп,
Жаяны кесип жечү элем,
Арыслан жан абам барында
Маа балекет кайда дечү элем!
Менин дене боюм жаралуу,
Башымдан баатырым кетип каралуу,
Мүрүмдү окко жулгузуп,
Караанымды жоого булгузуп,
Кайырчы мазар Кара-Үңкүр
Кайгырып укчу сөзүмдү
Касиетиң ашырчы,
Кара-Үңкүр ата жашырчы,
Бүгүн корголотуп бакырды,
Кара-Үңкүр ата жашырчы,
Бүгүн кабылан көкжал шер элем,
Бата болсоң Кара-Үңкүр
Бүгүн караан кылып отурам,
Караан болсоң Кара-Үңкүр
Бооруңа бек кысып,
Баптап калсаң Кара-Үңкүр,
Бүгүн ата болуп мени аман
Сактап калсаң Кара-Үңкүр,
Бүгүн байкуш турган куу жанга
Бараан болсоң, Кара-Үңкүр,

www.bizdin.kg



Бүгүн байкушуңу катып бооруңа
Караан болсоң Кара-Үңкүр,
Ак ала чап топуңду
Ачсаң белең Кара-Үңкүр,
Бүгүн бакырыңды бооруңа
Бассаң кантет Кара-Үңкүр?
Айланайын Кара-Үңкүр
Байкуш жанды баптачы.
Бүгүн эсилден кубат күч кетти,
Айланайын Кара-Үңкүр,
Эне болуп сактачы,
Бакырың келди корголоп,
Мөмө болчу Кара-Үңкүр,
Эмчек ийип боору ачып,
Эне болчу Кара-Үңкүр,
Ээ, айланайын, кудурет
Капырды бузган жер кылдың,
Касиетиң төгүлтүп,
Өлүмдү көзгө көрүнтүп,
Мынча неге кор кылдың,
Керилип чыккан шер элем,
Кең дүйнөмдү тар кылдың,
Капаланып Күлчоро
Баана кылып Үңкүрдү
Баатыр шериң жатты эле,
Кууураган чөп, бетеге,
Кара кыяк, ак сокто,
Оозун бүтөп Үңкүрдү
Куу сөңгөк чөптөн тартты эле,
Алы кетип алсырап,
Жатты чоро кансырап,
Кээде тилге келе алса,
Кээде тилге келе албайт,
Кээде көзү көрө алса,
Кээде көзү көрө албай,
Кейиштүү дарман болду эле.
Муну мындай таштайлы
Жедигердин эр Кыяз
Чубактын уулу Канчоро
Эми ошондон кабар баштайлы.
Үйрүлмөнүн сазына
Үйрүлө жыйын кылыптыр,
Чогулманын сазына
Чогулушуп туруптур.
Тапкычташып, табышын,
Куу-качташып куушуп,
Кубарлашып сындашып,
Кутурма тийген немедей
Кулжуңдашып чырдашып,
Дуугa кирип алыптыр.
Айыкпаган бир үлкөн
Чууга кирип алыптыр,
Адам көзү жетпеген
Сынга кирип алыптыр.
Айыкпай турган бир үлкөн
Чырга кирип алыптыр,
Адам беттеп өтө алгыс
Сынга кирип алыптыр
Жедигердин эр Кыяз
Акылман даана эр экен,
Азап менен жыргалды
Ашкере көргөн неме экен.
Кеп талашып кызаңдап
Жолго кирип алыптыр,
Адам беттеп тапкысыз
Зорго кирип алыптыр.
Акыл ойлоп бир артык
Эпке кирип алыптыр,
Ай-ааламды буй кылып,
Кайран Кыяз канетет
Бир кепке кирип алыптыр,
Канчоро менен эр Кыяз
Кыртышташып турушуп,
Кызаңдашып урушуп,
Асман жарган айкырык
Чууга кирип алыптыр,
Адам беттеп тайгысыз,
Бир дууга кирип алыптыр.

www.bizdin.kg



Караргандан түнөрүп,
Кыяз турду бакырып,
«Калың кара жедигер,
Калбай кел!» – деп чакырып.
«Калың кара жедигер,
Калкым, айтайын сөздү көрүңөр!
Журтум учуна чыга бериңер?
Уруш кандай, тынч кандай
Ушуну журтум, чындап көрүңөр!
Бере кырк уруу кыргыз эл элек,
Ала-Тоо бойлоп жердеген.
Арыслан Манас барында
Бизди айкырып душман бөлбөгөн,
Эл четинде эр Манас
Ажыдаардай толгонгон,
Эр айбатын көргөндө,
Тиги Какандан кытай ойгонгон,
Бере жети кабат Ала-Тоо,
Эрдик менен жер кылган,
Береги аркайган тоонун кыргызын
Эртеп жүрүп эл кылган.
Сайып жүрүп бак кылып,
Салып жүрүп там кылып,
Азган-тозгон кыргызды
Эптеп жүрүп эл кылды.
Аркайып жаткан Ала-Тоо
Бу кыргызга жар кылды.
Буудан Манас барында
Бурулуп чапты ооганды,
Буйгатта эл кайдан соо калды?
Күрдөлүү Манас турганда
Күнжүттү чаап күндө алдык,
Тетиги Индистанга жол салдык,
Ташты бузуп жол салдык,
Биз далай жерге кол салдык,
Жет-Кайтты чаап жети алдык,
Биз кыргыздан Жет-Кайт кайдан соо калды,
Ошондо жеткилең эри эр Манас –
Жердегени чоң Талас
Ак марал айдап уй кылды,
Алышкан жерди чуу кылды,
Менин атам Агыш айткан көп эле,
Жан жаратып Манастай
Кыргыз эмес, Жаханга келбейт деди эле,
Кытай каптап кетээрде,
Түпкө чогуу жетээрде,
Короо Манас деди эле,
Ач болотун колуна
Алган Манас деди эле.
Ай-ааламга бир дүрбөң
Салган Манас деди эле,
Аз кыргыздын тукумун
Ажыратып капырдан
Алган Манас деди эле.
Душман көздөй бет алса,
Катта болду деди эле,
Кыргыз турмак кылымга
Кыямат кеткен Манас кан
Ата болду деди эле,
Бул ээри эңкейген кыргызга
Жөлөө болду деди эле,
Бул ар качандан, бир качан
Бу кыргыз турмак кылымга
Мөмө болду деди эле.
Бул ар качандан, бир качан
Кыямат кеткен эр Манас
Керек болду деди эле,
Бул азап тозуп алуучу
Аптапка сайып койдурган
Калың элге эр Манас
Терек болду деди эле,
Бул ар дайымдан, бир дайым
Байкуш кыргыз бөрү албайт,
Бөрү алган уулун көрө албайт,
Багыштаган Манас кан
Ак буудайдай үрөндөш,

www.bizdin.kg



Ак тулпардай сүрөндөш,
Тапкандары жыйгандаш,
Өлүм орток ыймандаш,
Билеги бирге аталаш,
Тилеги бирге баталаш,
Бир айгырдын сийдиги,
Бир кишинин кулуну,
Байкагыла ушуну
Манас менен уялаш
Башта болгон Шыгай кан
Баш жомоктон айталык
Чырды салган Чынкожо
Ошо Шыгай уулу экен
Эки сөздү журт бузар
Өзү бир журт чайкаган куу экен,
Калың элге чыр салган
Ырас эле ант аткырың бул экен.
Кечээ жадүгөй түшүп белине,
Жаман чыр салып элине,
Кечээ Манастын уулу Семетей
Душмандык кылып элине,
Кара санап келиптир
Бу кан Семетей шерине,
Ошо кожо оңбосун
Эл бүлдүргөн Чынкожо
Эгерде эки болбосун.
Кечээ карагай айза боолашып,
Канкор менен жоолашып,
Жыргалдуу күнүн чачыптыр
Жылма чечен жуукуй кул
Менин агам Толтой көздөй качыптыр.
Өзөнгө айыл конуптур
Өткөрө чырын күчөтүп,
Өлгүчө чатак болуптур,
Жедигерге кан болуп,
Бузуп журтту толгоптур,
Ушак айтып, журт бузуп,
Уйпалган Кожо оңбоптур.
Күндөп-түндөп кыбырлап,
Толтойду күүлөп шыбырап,
Укурук тийбес кара атты
Кулу кармап минди деп,
Ак чардактай ордого
Карысы Бакай кирди деп,
Чалмалантып сөз айтып,
Ак шайтандуу кеп айтып,
Жети-Өзөн сууну тамандап,
Ал эмес, сенин да,
Катыныңы тартып алды деп,
Эр Толтойго жамандап,
Бузуп Кожо күүлөптүр,
Бузуп-жарып сүйлөптүр,
Аңкоо Толтой абамды
Бузуп сөзүн бурмалап,
Бузулгур экен Чынкожо
Жети-Өзөндө Жедигер
Ээликтирип күүлөптүр,
Душман кылып карысын
Бузуптур журттун баарысын,
Бузулуп алып жедигер
Железден айгыр миниптир,
Жерден каскак алыптыр
Жер майышкан кол болуп,
Аз гана эмес, мол болуп,
Боз ала желек туу алып,
Бой-бойлогон чуу болуп,
Кыялабай кырды ашып,
Кыз ала турган катыны
Анысын тартып алууга
Семетей менен чырдашып,
Карагай кыйып, ноо кылып,
Чөп кармашып, тоо кылып,
Катының тартып алам деп,
Семетейге доо кылып,
Өткөн иштин жайынан,
Чынкожонун айынан,
Жабылыша салышып,
Жаман жаңжал болуптур.

www.bizdin.kg



Арам экен Чынкожо,
Чынкожонун айынан,
Чын бузуктун барынан,
Кайран кыргыз кагышып,
Маңдайлашып чабышып,
Журт бүлүнүп, өр өлүп,
Чынкожонун кордугу
Момунда мынча шер өлүп,
Кыйылып эчен чынарлар
Кыргын болуп кетиптир,
Эчен бир кыз моюн тынарлар,
Эренден түрлүү жан өлүп,
Эчен-эчен дагы өлүп,
Абам Толтой өлүптүр
Кайра тартпас чын жайды
Ошол кайран киши көрүптүр.
Ошо бузуку Кожо кан өлүп,
Ошо бурулган жандын баары өлүп,
Ошо Шыгайдын уулу Чынкожо
Серпишти жаман көрүптүр,
Себеби болуп Кожодон
Серпиш кылып мен, абам
Кайран Толтой өлүптүр,
Тоо арасын сел бузат,
Эл арасын Канчоро
Сен өңдөнгөн эр бузат,
Жер арасын жел бузат,
Көңүлү ала, төрт тилдүү
Сен өңдөнгөн эл бузат.
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым,
Аксакалдуу каргандан
Угуп жүрдүм ушуну
Узак жашап баргандан.
Семетей сени алыптыр,
Кайрандан калган мураа деп,
Бөбөк кыла салыптыр,
Тоюңа токсон союптур
Атыңды Канчоро берен коюптур,
Ымыркай бала кезиңде
Бир бадырек киши экенсиң,
Баккан экен өзүңдү,
Жүрөгү майлуу болсун деп,
Казыдан кесип жегизип,
Артык тууган болсун деп,
Энеси Каныкейдин эмчегин
Эки арам саа эмизип.
Каныкейдин сол эмчегин эмгенде
Сорсоң кара кан чыккан.
Бул соолтор душман болот деп,
Энеси Каныкейден жан чыккан.
Бу тууган болбойт кой деген,
Жердиги душман зилинде
Бу какмарды сой деген,
Буудан экен кабылан
Бузуку сөзгө барбаган,
Энеси Каныкей тилин албаган.
Өзүң жумшак тилинде
Оңолбойсуң Канчоро
Душмансың түбү зилинде,
Айтканым акыл билип ал,
Менин алтыным, достум,
тилимди ал,
Кызырлуу көк жал баатырдын
Кыйрына тийип нетели,
Кыжырың ташта Канчоро
Жүргүн, кыйырга аман кетели,
Тууралаганн эр жигит
Тузуна сийген оңобу?
Журт бүлдүрүп, эл бузган
Эгерде эки болобу?
Айтканым акыл билип ал,
Калкыңды карып кылбастан
Кайраным достум, тилимди ал!
Бул Семетей баатырдан
Жылгыңды, Кең-Кол жер калар,
Мындан ак калпак кыргыз эл калар,
Бул кордун кошуп ыр кылар,

www.bizdin.kg



Бул эртеңки күндө эл жаңы
Эс алчу болсо чыр кылар,
Бул карагай айза боолашар,
Кастарын тигип жоолашар.
Бул ойлонсоң боло, Канчоро,
Биздин оң жактарда орус бар,
Кыр жагында кытай бар,
Маңдайында бараң бар,
Биз менен басташчу душман
далай бар.
Бу түбү түптүү көкжалга
Түгөнүшүп нетели,
Жүр, жедигер кетели,
Кырылышты кыргыз деп,
Кытайга бу кеп угулса,
Ай касаба туу толсо,
Асман жарган чуу болсо,
Асманга учса топурак
Аскер келсе топурап,
Кан кара жаак зулпукор
Кайкалатпай ким аштар?
Капырдан каар жеткизбей
Бул калың кыргыз көп элди
Капа кылбай ким баштаар
Ал Семетей көкжал өлгөн жок,
Ал кайра тартпас чын жайды
Кайран киши көргөн жок.
Канкор айза сайганда
Айып болду деп турам,
Караса көзгө илинбей,
Кайып болду деп турам.
Ажал жетпей кокустан,
Аман болсо окустан,
Түпкө чогуу жетпесин
Калың кара жедигер
Бизди түгөл кырып кетпесин,
Булкунтуп буурул минбесин,
Бурулуп келип кокустан
Бузукту мыктап салбасын,
Айкырып айза салбасын,
Аябай журтту кырбасын,
Жети-Өзөндө жедигер,
Ээликкен шердин тукуму
Желкебизден баспасын,
Төрт түлүктү* чачпасын,
Казарланса окустан,
Карарып калса кокустан,
Кыйрыбызды бөлбөсүн,
Калың кара жедигер
Каардуу шерге катылып,
Каранга бөйдө чатылып,
Каардуу селге катылып,
Кыйлабызды кырдырып,
Кыргын болуп өлбөйлү,
Кыйлабыз кызык көрбөйлү,
Кыстоого түшүп өлбөйлү,
Арты-кийнин карасам
Чубактын уулу Канчоро,
Достум, сенин ар кыялың санасам
Бөтөнчөң турат сөзүңдө,
Бөлөкчө чатак өзүңдө
Чалгыртың турат сөзүңдө,
Чаркыңды байлап бейлесем,
Чатагың турат өзүңдө,
Бул канкордун уулу эр Семең
Бу – Чубактын уулу Канчоро,
Жетим калсаң атадан
Сени туугандан артык көрүптүр,
Каныкейдин сол эмчек
Капыр кул, саа бериптир,
Улук экен Семетей
Сени уялаштай көрүптүр.
Ээрчитип жүрүп эр кылып,
Эрешен менен тең кылып,
Ааламды бузган шер кылып
Кичине жаның чоңойтуп,
Жаман жаның оңолтуп,
Ок өтпөс чопкут* кийгизип,

www.bizdin.kg



Ок жетпеген тулпар мингизип,
Айкыртып жоого тийгизип,
Жаяны кесип жедирип,
Кыргыз журт эмес кылымга
Канчоро баатыр дедиртип,
Айзаңды камдап чыгарып
Атагың журтка чыгарып,
Салуулу короо там кылып,
Салмакташкан душманың
Салышып жүрүп жай кылып,
Аргын менен кыргызга
Аким, султан, кан кылып.
Эми кыйын шер экен Семетей
Кылыгы болбой көмүрчө
Сен кыялың буздуң семирсең
Сен Чубактын уулу Канчоро,
Сен канетип мыктуу жарадың?
Сен антыңа сийип журт булгап,
Сен абаңа кара санадың.
Чынкожо да бир, сен да бир
Оңбогон чором экенсиң.
Эгерде эки кылайып,
Баатыр болбогон чором экенсиң.
Бет алган жакты буй кылган
Баатыр чоро экенсиң,
Арамың толук абыдан
Капыр чоро экенсиң,
Каалаганың кашайтып
Алуучу чоро экенсиң,
Айтылуу мыш, мыш чын болсо,
Чын тозоктун түбүнө
Баруучу чоро экенсиң
Сен акыры күйүп өрттөнүп,
Калычу чоро экенсиң,
Ар балакет мүшкүлгө,
Баруучу чоро экенсиң,
Тилиңди алган адамды
Чын балакет тозокко
Салуучу чоро экенсиң,
Сен журт бүлдүргөн чоң чырга
Баруучу чоро экенсиң,
Сен тууганыңды душмандай
Көрүүчү чоро экенсиң,
Сен журт бүлдүрүп, эл бузган
Берүүчү чором экенсиң,
Сен ар мүшкүлгө баатырак
Көнүүчү чором экенсиң,
Достум деген адамдын
Бир сазайын колуна
Берүүчү достум экенсиң,
Кыялыңда зыңгырап,
Улук достум экенсиң,
Арам кыял, ача тил
Бузук достум экенсиң.
Бузуктугуң айтайын
Өз абаңа өч болдуң,
Баатыр сендей болобу?
Сени баатыр деген оңобу?
Кетпес кезик өзүсүң,
Сен балаанын кара көзүсүң,
Сен туулупсуң кургурум
Сен журт бузгучтун өзүсүң ,
Сен жаңжалдын кара көзүсүң,
Сен көзү эмессиң өзүсүң.
Бул Семетей журттун буйласы,
Калыкка маалым атагы.
Калк чайкап, эл бузган
Жанагы Чынкожо кулдун чатагы.
Ал Чынкожо болбосо,
Акылман Толтой эр каңкор
Ошо Чынкожонун айынан
Өйүз-бүйүз турушуп,
Өпкө жарып өт алып,
Өпкөлөшүп урушуп,
Же ак адырмак тоо эмес,
Же кырылышчу жоо эмес.
Ошо Чынкожо кулдун кордугу
Канчоро, сенин зордугуң.

www.bizdin.kg



Айтканым ушул билип ал,
Ай, жан достум, тилимди ал!
Бурулуп бузук жүрбөйлү,
Бул Кызыр чалган канкорго
Кылайтып түк тийбейли.
Арыслан шерге катылып
Азапка бөйдө чатылып,
Көгөрүшүп нетели,
Жүр, жан достум кетели,
Быз чатак жаңжал билбейли,
Бул Алмамбет уулу Күлчоро
Экөөбүз катар эр экен,
Ал байкушка тийбейли.
Жайнаган кызыл чок экен,
Жаратканда жок экен,
Душманга болот ок экен,
Ааламдан чыккан шок экен,
Оң далысы кең экен,
Он эки мүчө тең экен.
Кыргызга кыстап жоо келсе,
Карааны тийүүчү шер экен,
Бул күрдөлүү баатыр Күлчоро
Күтүп алуучу эр экен
Орнотуп койгон кыргызга
Темирден коргон чеп экен,
Адал кыял, кең пейил
Аябаган шер экен.
Кыргыз турмак кылымды
Күтүп алуучу неме экен,
Жазайыл жаңжал билбейли
Тилимди алгын, жан достум,
Күлчорого тийбей кетели!
Бул көкжал шердин дал өзү
Көгөрүшө берип нетели,
Жүр, жан достум, кетели!
Күлчоро мындай экен деп,
Кабарын калкка мындай айталы
Бузукташпай, жоолашпай,
Жүр, жан достум, кайталы,
Бу Кызыр чалган көкжалга
Кыжырлашып нетели,
Кыргын болуп кетпесин
Жүрчү, достум, кетели!
Бул Күлчоро түрүн мен көрдүм,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Баатыр, ааламдан чыкпайт
мындай эр.
Чыңагандай көк экен,
Чын кыргынга бек экен,
Кырсыкка калып жүрбөйлү,
Кыйын жаңжал билбейли
Сай бууданды жайдактап,
Сары алтындан арталы.
Сай тулпардын баарысын
Күлчорого тарталы,
Тил ал, достум, кайталы!
Дегенине көнөлү,
Алмамбет уулу чунакка
Каалаганын берели,
Дилде, алтын, бул дулдул ат
Койбой муну тарталы,
Койгулашып урушпай,
Кокуй, достум, кайталы!
Кыбыладан жел болуп,
Күлчоро менен эл болуп,
Ак буудай унун чайнашып,
Келеме китеп кармашып,
Ак болот мизин жалашып,
Ак жылкыдан боз болуп,
А дүйнөлүк дос болуп,
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп кетели,
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп кетели.
Асмандагы жылдыздай
Козголушуп калалы,
Омуро-көөдөн такашып,

www.bizdin.kg



Кабылан шер эр менен
О дүйнөлүк дос болуп калалы.
Желикпегин Канчоро
Жер-жерге эсен баралы».
Мына ошондо Канчоро
Каарланып күүлөндү,
Жедигердин Кыязга
Болжолу жок сүйлөндү,
Каалгадай кашка тиш
Быркырата чайнады,
Арысландай көзү жайнады,
Кан аралаш ак көбүк
Экиууртунан буркулдап,
Эки көзү кызарып,
Өрт күйгөндөй жылтылдап,
Жан казандай жалпак баш,
Жаткан иттей кара каш,
Сыягын көрсөң оолак кач,
Күркүрөдү күүлөндү,
Каарланып түнөрүп,
Жедигерге сүйлөнүп,
«Жети-Өзөн сенин жериңди
Жер экен деп жүргөмүн,
Ээ, жерге кирген эр Кыяз,
Сени мен эр экен деп жүргөмүн!
Баатыр Кыяз деп жүрсөм,
Катын Кыяз экенсиң,
Көп немени ойлогон
Жакыр Кыяз экенсиң,
Түпөгү жок айза алып,
Жалаң кылыч байланып,
Капчалың бузуп жол салам,
Жедигер саа кол салам,
Белестеги Күлчоро
Бир элдешип албасам,
Кыргынды кызык кылбасам,
Кылдан түгүң таштабай
Жедигер сени кырбасам,
Түмөн малың чачпасам,
Түк немеңди таштабай
Түгөтүп калкың кырбасам,
Ачуулансаң эр Кыяз,
Алты өзөнүң чаппасам,
Айланды минтип таппасам,
Кыйынсынган калкыңды,
Кыргын кылып баарыңды,
Каста ажалың жеткизип,
Абийриң күлдөй кетирип,
Өөдүгүңдү оңолтуп,
Өкүмүңдү жоголтуп,
Кыйланды кыргын кылбасам,
Кылча бирөөң таштабай
Жедигер сени кырбасам,
Ач албарс кылыч зулпукор
Майлаштан коркпос Канчоро
Калың кара жедигер
Сени айдаштан чоро коркобу?
Сен эмес, баатырдан коркпос
ушу кул
Сени жайлаштан чороң коркобу?
Айтканым ушул билип ал,
Баатырым Кыяз, тилимди ал,
Жылгынды, Кең-Кол, кең Талас,
Күркүрөп күтөр жер эмес,
Алмамбет уулу Күлчоро
Кокуй, Кыяз, не дейсиң?
Экөөбүзгө эл эмес.
Тийбей койсо кокустан,
Катылбай койсок окустан,
Оорусунан айрылар,
Атышчы жакка кайрылар,
Жарасынан айрылар,
Жаңжалга мыктап кайрылар,
Оюна койсок ал чороң
Ооруган жери басылар,
Жоо аяган жарадар
Кыяздын каны чачылар,
Катылбай койсок Күлчоро

www.bizdin.kg



Көрүнө күнү туубайбы?
Көйкапка чейин куубайбы?
Кыжырланса ал чоро
Кыргынды кызык салбайбы?
Кылча бирөөң таштабай
Кыргыны кылып салбайбы?
Кыз-катынын жедигер
Такыр талап албайбы?
Күлчорону эл көрсө,
Кум, талканын түшүрөр.
Каарлуу заарын ичирер
Камап-кырып токмоктоп,
Эки күндө бүтүрөр.
Кызыл кыргын, чуу кылар,
Кыйла мүшкүл, дуу кылар.
Окчонтоюн ок кылар,
Оолукма жини кармаса,
Эчениңди жок кылар,
Төрөсүйсүң эр Кыяз,
Төбөбүздөн баспайбы?
Төрөлөрдү жанчпайбы?
Төргө кудук казбайбы?
Бокчоңорду тинтпейби?
Төрт түлүктү чачпайбы?
Төргө кудук казбайбы?
Бурулуп бузук салбайбы?
Кайдагы кегин албайбы?
Эсейип алса, ал чоро
Так эшектей кардың жарбайбы?
Эселек Кыяз, оңбой кал,
Эгерде эки болбой кал,
Казбайбы кара жолуңду,
Артыңа байлап колуңду,
Олжого чечип тонуңду,
Капчалың бузуп жол кылып,
Кан башыңды кор кылып,
Жолуң болсун эр Кыяз,
Жоноктон кармап албайбы?
Экөөбүздү бир байлап,
Даңгыттарга жарбайбы?
Койдой башың кеспейби?
Колуна тийсең Күлчоро
Коондой ичиң жарбайбы?
Адырмак тоону май кылган,
Атасы кытай Күлчоро
Өз агасын жай кылган,
Тиктештен кайра тартпаган,
Кан төккөндөн кайтпаган,
Чоро жайы ушундай.
Ичсе канга тойбогон,
Чорого согушкан адам сойлогон
Кагыштан кайра тартпаган,
Каарланып качырса
Кан ичпей асти кайтпаган,
Кара ниет чорону
Кантип тууган кыласың?
Душманды тууган деп санап,
Ар качандан бир качан
Чоркок Кыяз экенсиң,
Чоң тобокел кылбаган
Түндө эшикке чыга албас
Сен, коркок Кыяз экенсиң,
Түк акылың деги жок
Коркок Кыяз экенсиң.
Өз жаныңа бир мүшкүл
Кылчу Кыяз экенсиң.
Өз журтуңду талкалап
Сен кырчу Кыяз экенсиң.
Өз жаныңа жаа огун
Урчу Кыяз экенсиң,
Өз жаныңды өлүмгө
Кыйчу Кыяз экенсиң,
Кыргын олжо канкорго
Салам десең чыныңды айт,
Дүмөктүү катын Айчүрөк
Муну алам десең чыныңды айт».
Артык бузук Канчоро
Каардуу катуу билгизди,

www.bizdin.kg



Калың кара жедигер
Зордуктап бизге киргизди,
Жедигердин эр Кыяз
Болду курдаш, баатыр деп,
Тил албаган адамдын
Атасы болсун капыр деп,
Адам өлөр ант кылып,
Убаданы бат кылып,
Калың кара жедигер
Баарысы чуулап калышып,
Бу кара ниет Канчоро
Муну баштык кылып алышып,
Ай касаба туу алып,
Асман жарган кол алып,
Аз гана эмес, мол алып,
Миң жандан чыккан мыкты алып,
Айзага камбыл мыкты алып,
Ал Күлчоро баатырдын,
Жаралуу болгон бакырды,
Жабыла таап алууга
Кырк аркан бой зынданга,
Колуна тийсе салууга,
Кылычтап башын алууга,
Кастарын тигип Канчоро
Күлчоро таап алууга,
Эки көзүн оюуда,
Чымын жанын таштабай
Чыркыратып союуда.
Боз ала желек туу толуп,
Бойбойлогон чуу болуп,
Кылычты кынсыз байлашып,
Жай-жарагын жайлашып,
Уңгусу болот учу курч,
Учуна тарткан кара курч,
Эки беттүү, төрт кырлуу
Эсепсиз болот айза алып,
Эми издеди чорону
Аалы така зор өтүк
Ашкан экен Күлчоро,
Адыр-күдүр белести
Баскан экен Күлчоро,
Кара-Буура, Чаткалды
Желген экен Күлчоро,
Бу кайыпчынын Кара-Үңкүр
Баскан экен дапдаана
Келген экен Күлчоро,
Кечээ, Канчоро менен Күлчоро
Кыргыздын сары майын жеп,
Кысырдын семиз тайын жеп,
Кунан минип, куш салып,
Шабиет ойноп, даң салып,
Кулкүлөр күндү батырып,
Тамаша таңды атырып,
Эриксе элик атканда,
Эрикпесе, кечээ элкин ойноп
жатканда
Жылкы багып бирге өскөн,
Ата, жылас болгон Канчоро,
Элкин басып, эл көргөн,
Жылкы жыйып жер көргөн.
Бере Кара-Буура, Чаткалда
Кача албастан калгандыр.
Кайыпчынын Кара-Үңкүр,
Эл жашынган даана үңкүр,
Качып чоро баргандыр,
Жашынып жуукуй калгандыр.
Ээрчиткени эр Кыяз
Эл баштаган Канчоро,
Ал Күлчоро байкушту
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп калыптыр,
Куу изине чап салып,
Кутура кууп алыптыр.
Үйрүлмөнүн кезеңдин
Үч айланта кубалап,
Эрикпей кууп алыптыр,
Күүгүм кирип, күн батып,
Элдин асты жым жатып,

www.bizdin.kg



Жатып уйку канганда,
Тулпар аттар булкунуп,
Бетеге башын чалганда,
Таң дүмпөйүп сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Төбөдөн жылдыз чачырап,
Таң дүкүйүп ачылып,
Асмандан жылдыз бириндеп,
Таң атардын муздак жели зирилдеп,
Асмандан жылдыз быркырап,
Жан-жаныбар макулук
Ордунан туруп чуркурап,
Тал бутагы ийилип,
Кумдун үстү чийилип,
Камыштын башы зыркырап,
Талаадан балапан торгой чуркурап,
Таң саргарып атты эле,
Асмандан тараза жылдыз батты эле,
Тоо-тоодон мунар суюлуп,
Жылгадан сандаган булак куюлуп,
Муңканып сайрап токсон түр,
Булбулдун үнү угулуп,
Күкүгү таңшып күүлөнүп,
Токойдон ар түрдүү чымчык
сүйлөнүп,
Кырандан алик бакырып,
Будурдан бугу чакырып,
Жер-жерден туман басылып,
Жерге жарык чачылып,
Жер көрүнүп келгенде
Астындагы мингени
Көбөш кандын Көкборчук
Ал Көкборчук бууданга
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Бу Канчоро баатырың
Желген экен желигип,
Жеткилең бетбак тозоку
Күлчоро издеп ээлигип.
Кара-Үңкүрдү караса,
Күлчорону кааласа,
Үңкүр оозу басылган,
Ал үңкүрдүн оозуна
Чириген өлөң чачылган,
Күлчоро баатыр катылган,
Аалы өтүктүн такасы
Ачык даана ачылган,
Канчоро турду бакырып,
Жедигердин эр Кыяз
Эр Кыязды чакырып,
«Жолуң болгон эр Кыяз,
Жорткондо жолуң болуптур.
Жогуң жолго конуптур,
Кечиксең жолуң болуптур,
Качкының жолго конуптур,
Жедигердин эр Кыяз
Кадимки жолуң болуптур,
Балбаныңар шериңер,
Балбансынган эриңер,
Айзага камбыл ыктууңар,
Аябагын мыктууңар,
Күлчорону кармап алууга
Канга тойбос бөрүң кел,
Камбылыраак эриңер,
Тик качырып чорону
Тирүү кармап калыңар,
Түшсө чыккыс калың шор
Күлчорону малыңар,
Аябаган мүшкүлгө
Бадыректи салыңар,
Эки колун тең байлап
Кечирин кесип алыңар.
Өлтүрбөстөн житирбей,
Кетмендей кегиң алыңар.
Оң далысын ойгула,
Сол далысын сойгула!»
Алтымыштай жылкычы
Отунчу, суучу болууга
Денекул кылып салгыла.

www.bizdin.kg



Эртели-кеч эки убак
Талпакча сабап кергиле,
Баатырсынган бу кулдун
Жазасын колго бергиле!
Тездик менен өлтүрбөй
Кордук менен өлтүрүп,
Жазасын бере салгыла!
Кайран Кыяз каныңар,
Каптап кирип барыңар,
Опсуз тууган чорону
Олжо кыла салыңар!»
Үңкүрдөгү чорого
Шай колдогон шериңе
Токсон жери жаралуу
Айласыз жаткан эриңе,
Жан жабылып жедигер
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүр кылып, ок атып,
Туш-тушунун баарысы –
Айза сунган бакырык.
Бакырыктын баарысы –
«Кыяздап» ураан чакырып,
Жамгыр кылып, жаа жартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Каптап кирди жедигер.
Мына ошондо Күлчоро
Чама чарчап, ал кеткен,
Дене бойдон кан кеткен,
Ичи-тышы чок болгон,
Ичи өрттөнүп от болгон,
Керишке балбан жан болгон,
Байкуш Чоро кар болгон.
Көзү калган жалдырап,
Мууну кеткен шалдырап,
Дарман бошоп, ал кеткен
Өң бозоруп, кан кеткен,
Күлчородон ал кеткен.
Балбан каптап барарда,
Тегеректеп балбандар
Казыр шорго маларда,
Атасы кандын Жойкума
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Кармай калып имерип,
Балбандардан элүүсүн
Бөлө чаап жиберип,
Алысыраак балбанды
Айза менен сойлотуп,
Андан жакын келгенин
Кылыч менен ойнотуп,
Шер атактуу курган эр
Каарданып зыргытып,
Колуна тийген балбанды
Көк улактай ыргытып,
Бет алганын майдалап,
Берендери кайдалап,
Жологонун майдалап,
Жолборстору кайдалап
Жолотпой турду шер Чоро,
Жедигердин зордукка
Көнбөй турду Күлчоро,
Чымындай жанды ал журтка
Бербей турду Күлчоро.
Жедигердин эр Кыяз
Жетип айза салууга,
Күлчоро байлап алууга,
Мылтык атып, жаа тартып,
Мыктап кирип барды эле.
Too күлдөнгөн тон кийип,
Тоотору тулпар ат минип,
Оңкондогон тор атты
Кыл куйругун чарт түйүп,
Кызырканып эр Кыяз
Чорого кирип барды эле.
Күлчорону карасаң,
Оозундагы илеби
Өзөндү тоонун желиндей,
Бет алганды жегидей,

www.bizdin.kg



Балбандыгы башкача.
Бадыректи карасаң
Баатырдыгы бир мынча,
Билеги жоон, таш жүрөк
Арыслан чалыш бадирек,
Айзасын каига чыктаган,
Койгулашкан балбандар
Коёндой жерге ыктаган,
Очогор атса шашпаган,
Койгулаша кеткенде
Коркуп колтук ачпаган.
Кабылан көзү жайнаган,
Эринди кесе чайнаган,
Бурулуп жүз караса,
Камбылдардын кабындай,
Оозунан чыккан жел
Буккарлыктын шабындай,
Эки көздүн каары
Өзөндүнүн чогундай,
Кобураса добушу
Очогордун огундай,
Асты жагын караса,
Кара көкжал кабылан
Казыр жара тартчудай,
Кара чаар кабылан
Кара жолтой бу кулдун
Как алдында комдонот,
Оп тартуучу ажыдаар
Оозун ачып араандай
Аркасынан комдонот.
Алпкаракуш-зумурук
Азыр эңип кетчүдөй
Бутун сунуп барбайып,
Бурулганы жолборстой,
Булкушкан аман болбостой,
Каары түрү бир башка
Ай-ааламды буй кылып,
Адис болгон көйкашка
Саадагы билдин белиндей
Кара саат кутургур
Кармашканды жегидей
Сыягы бөлөк, заары күч
Кезиксең жандан күдөр үз,
Келбетин көрсөң ушундай,
Кең көкүрөк жайык төш
Жалаяк ооз, жар кабак
Жазы маңдай чуңкул көз
Жараткан экен Чорону.
Үйдөй чокмор колго алып,
Үтүрөйүп чыр салып,
Кара ташты бир салып,
Чокморунан чок чыгып,
Кара таштан от чыгып,
Койгулашкан көришке
Коркуп колтук ачпады,
Бет алышкан балбандын
Эченин жерге жанчтады,
Күлчорону көргөндө
Ысыгына бата албай,
Суугуна жата албай,
Бет алышып бара албай,
Бекишил айза сала албай,
Сыртын салып эр Кыяз
Батпай чыгып кетти эле,
Бура тартып сабылды,
Чоронун буудандыгын көргөндө
Бурулуп бузук сала албай,
Канчорого жалынды:
«Айланайын курдаш ай,
Жан жолдошуң Күлчоро
Телегейи тең экен,
Ичин карап отурсаң
Капырай, курдаш муну ойлон.
Сары кашат кыранга
Там болуучу уул экен,
Кыргыз турмак кылымга
Кам болуучу уул экен,
Берен экен көйкашка,

www.bizdin.kg



Бедери жандан бир башка,
Батыр да экен, шор да экен,
Чын адам колу бара алгыс
Чын жаралган эр экен,
Келбетин көрүп болдум таң
Жаратылбайт мындай жан,
Беттешип менде чапбаган,
Чорого бат алып киши барбаган,
Бу чын жаралган Күлчоро
Боо чымчышкан адам оңобу?
Бу касиеттүү баатырга
Карачы катылган аман болобу?
Бу касиеттүү кыргызга
Жан болуучу уул экен,
Бул куп жаралган кыргызга
Кан болуучу уул экен,
Каарланса душманга
Сели тийчү уул экен.
Бу кадимки кыргыз аз журтка
Бели тийчү уул экен,
Бу кара саат чоронун
Астынан көрсөң акжолтой,
Артынан көрсөң сан колдой,
Мунун көркөмү тунук ак жолтой,
Мунун көкжалдыгы сан колдой,
Мунун булчуңу билдин белиндей,
Булкунса жанды жегидей.
Мунун кайраты болот темирдей,
Бул жолунса жанды жегидей,
Мунун айбаты аска сеңирдей,
Бул алышса жанды жегидей,
Мунун ичи болот, тышы жез,
Боо кайсы адам болот кез.
Оолугуп жини кармаса
Он жыландай октолот
Мунун кармашы кызыл чок болот,
Буга кандай балбан токтолот,
Буга бет алып менде барабы?
Мунуңдан теминген тирүү калабы?
Бул каарланса тутулбас,
Мындан качырган адам кутулбас.
Жан курдаш достум, кебимди ук,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Саа бердим достум алыңыз,
Бу өрөпкүп турган чорого
Өзүңүз согуш салыңыз,
Береги алакандай жедигер
Мунун убалы-сообу болобу?
Милдетин өзүң алыңыз,
Баатыр, өзүңүз согуш салыңыз,
Бу сыр алышкан душманың
Курдаш ай, билгениңдей барыңыз,
Баатыр ай, бөтөнчө жаңжал
салбаңыз,
Айласы толук арысланым,
Мунун айласын өзүң камдаңыз,
Чын кыргын болот жедигер
Баатыр, колуңуз менен байлаңыз.
Чороңдун кайраты башка, заары күч
Билгендей өзүң кылбасаң
Айланайын курдаш ай!
Баарыбызды кылат түз,
Жайласаң өзүң жайлап сал,
Баатыр, байласаң өзүң байлап ал!
Баатыр, амалыңды кылыңыз,
Алыштан качып турат деп,
Баатыр ачууңузду тыйыңыз,
Башаалуу кыргыз эл мына,
Башымды кессең мен мына,
Бу кулуңдан өрөпкүп калдым,
Баатыр, өлтүрүп ийсең жер мына,
Баатыр кыжырлансаң шарт мына,
Астыңа тартуу кылайын
Тоотору тулпар ат мына,
Баатыр, кыйыктансаң эл мына,
Кыркып ийсең башымды
Кымбатың Кыяз мен мына!
Баатыр, Канчоро болуп оңолдуң

www.bizdin.kg



Күлчоро менен Канчоро
Экөөңөр бирдей чоңойдуң.
Тең өсүшкөн сырдашсың,
Баатыр, теңтуш өскөн курдашсың,
Билгениңдей сайыңыз,
Баатыр, душманың байлап алыңыз,
Береги калың кара жедигер
Талашпайын өзүңдөн
Кандыгың өзүң алыңыз.
Баатыр көрекке жарай салыңыз
Баатыр Канчоро менен Күлчоро
Бир чоңойгон сырдашсың,
Биттейиңде биригип,
Бармактайда баш кошуп,
Коюңар бирге короолош,
Башыңар бирге жороолош,
Тапканыңар жыйгандаш,
Сырын билдим чоронун
Өзүңүз айза салыңыз!»
Деп, ошентип, эр Кыяз
Заарынан коркуп чоронун
Эр Кыяз турду сабылып,
Канчорого жалынып,
Муну укканда Канчоро
Каарланып сүксөйүп,
Кайраттанып үксөйүп,
Ачылган ороо көздөнүп,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Эки бети салаңдап,
Эки даңгыт тойгудай,
Каарданса кутургур
Кармашканды сойгудай,
Уңгусу болот, учу курч
Айбалтаны байланып,
Ок өтпөс тонун кийинип,
Душмандык түрү билинип,
Баягы кең жаак жасаган айбалта
Болоттон мизин өгөгөн,
Сабына алтын толгогон,
Салышчу жоого болжогон,
Ар порумдап мадаган
Төкөр берен чоң уста
Бөлөкбай өзү жасаган.
Сугатына келгенде
Кара булак суу кеткен,
Мунун мизин уста түзөткөн
Көмүрүнө чыдабай
Чынарлуу токой жоюлган,
Мунун көөрүгүнө жан түтпөй
Көк букачар союлган,
Айбалта жайы момундай.
Ач билекке салынып,
Абайлап көрсөң Канчоро
Ак жолборстой чамынып,
Күр-күр этип күүлөнүп,
Барган экен бачагар
Күлчорого сүйлөнүп.
Ал Күлчоро байкуштун
Чапчышарга чамаа жок,
Анда алыш кылар айла жок,
Чымчыша турган дарман жок,
Алы кеткен ал чоро
Каарланып сабылып,
Турган экен бечара
Канчорого жалынып:
«Ай, айланайын Канчоро,
Башта күндөн билесиң,
Комокойлуу айза алып,
Сан кол жарган баатырым!
Ушу бүгүн кан аба,
Колуңа түшкөн бакырмын,
Чалгынын өрткө чалдырып,
Караанды алдырып,
Өлүмгө моюн бурабыз.
Уялаш элең зилинде
Таксыр колуңузда турабыз,
Баатыр, каарданып какайсаң
Каршылык кылбайм союңуз,

www.bizdin.kg



Уялаш элең болбосоң
Өлтүрбөй тирүү коюңуз.
Бөксө жол элек кыялаш,
Жан бирге элек уялаш,
Тапканыбыз жыйгандаш,
Бир чоңойдук курбалдаш,
Тай-кунандай тебиштик,
Талашып эмчек эмиштик,
Бир төшөккө жатыштык,
Бир кызыкка батыштык,
Энчилеш мал жыйгандаш,
Эгиз өстүк курбалдаш».
Деп, ошентип, кеп айтып,
Күлчоро турду сабылып,
Канчоро турду кайран эр
Каарланып камынып
Жалынса жаны калган жок,
Баары-жогун жоготот
Канчоро канда арман жок.
Уңгусу болот муштумдай
Айбалта жайы ушундай.
Бели кетип бекчейип,
Көз бурулуп чекчейип,
Кара болот балтасын
Кош колдоп кармап имерип,
Жадаалын салып Канчоро
Айры шили тушу деп,
Өрөпкүгөн куу кулдун
Өлөр жери ушу деп,
Кан ичүүчү балтасын
Кармай калып имерип,
Качырып кирип Чорону
Шилиге тартып жиберип,
Каарланып бакырып,
Капта, балбан, байла – деп,
Берендерин чакырып,
Беттеп турду Канчоро.
Канчоро беттеп турганда
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган шер чоро,
Ай-ааламды буй кылган
Аябаган эр чоро.
Кечээ кабылан Манас барында
Кайыбынан кабылган,
Медиян чөлдүн белинен,
Бет алган мойнок сеңирден,
Тоо жоголгон урчуктан,
Тоңкойгон тоонун тумшуктан,
Асмандан түшкөн алты курч
Кылычтын кыйын ыктуусу,
Жандуу болот мыктуусу,
Кыйкырып кындан чыгарса,
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Канга мыктап тойбосо,
Кайра кынга кирбеген,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Тиктегени мүрт кеткен,
Кынынан суурса кызарган,
Кыйкырып жоого шилтесе,
Кырк кулачтай узарган,
Атагы чыккан алты курч,
Кармай калып кабынан,
Сууруп алып сабынан,
Канчоро кайра тарткыча
Шай колдогон Күлчоро
Кылычты колго алганда
Бура тартып Канчоро
Бурулуп тартып бергиче
Каарланып калды эле,
Түрө кармап ал кулду
Түп этектен алды эле,
Кыя тартып кыраанын
Шилтеп туруп калды эле,
Оң этегин ал кулдун
Оё чаап салды эле.
Акборчуктун бир санын
Сое чаап салды эле,
Көкборчуктун бир санын

www.bizdin.kg



Сое чаап салды эле,
Оңдонуп чоро калгыча,
Ойронду мүшкүл салгыча,
Калың кара жедигер
Канкор шери эр Кыяз
Эрени кол салды эле.
Кыйын балбан карысы,
Балбанынын баарысы
Туш-туш жактан бакырык
Туш-тушунун баарысы
«Кыйырдап» ураан чакырып,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Бөлөк-бөлөк ок атып,
Жаанын огу зыркырап,
Жазайыл огу чыркырап,
Очогор огу дүрүлдөп,
Опсуз согуш салды эми,
Шай колдогон чоронун
Шайманы куруп, ал кетип,
Денеден кара кан кетип,
Күлчородон ал кетип,
Эң бир баатыр эки кол
Өйдө болбой шал болуп,
Коюнга кара кан толуп
Желип чыгар буудан жок,
Жергесинде жетелешер тууган жок,
Жедигер түмөн бу жалгыз,
Ушундай экен дүйнө бок.
Казылып жаткан калың ор
Кайнамак болду эми шор
Айза сунуп, балта уруп,
Каптап кетти ошо жол.
Арканчаны, тончону,
Тегиз темирколчону,
Айза сунчу эрени,
Айбалта чапчу берени,
Кылычка кыйын ыктуусу,
Кыйын кымбат мыктуусу,
Тегеректеп кетти эле.
Ал сапарын чоронун
Далбаа кылып өттү эле,
Тегеректеп жедигер
Темирден торго салды эми.
Ал Күлчоро байкушту
Канчоро, Кыяз эрендер
Каарданып какайып,
Катууланып күпүлдөп,
Ачууланып дүпүлдөп,
Арсыландай күркүрөп,
Айбатына карандын
Адамдын бою дүркүрөп,
Кайраты каман түрүндөй
Калтырбастын бириндей,
Ээленип бакырып,
Эрендерди чакырып,
Каарланып Канчоро
Калыкка буйрук кылды эми,
Булкугандан силкинип,
Бу Канчоро баатырды,
Нээти кара жакырды,
Калың кара жедигер
Калтырбай айдап сапырды,
Желпингенде чорого
Жер айрылды дүркүрөп,
Айбаттанды Канчоро
Албан түрдүү күркүрөп,
Ач буудандай чамынып,
Ашкере талап алууга
Калган экен камынып,
Жээлигип дүпүлдөп,
Желмогуздай күркүрөп,
Кынсыз кылыч байланып,
Жагалданып сактанып,
Турган экен кутургур
Жедигерге мактанып,
Калың кара жедигер
Качсаңар бокту жедиңер,
Каның, бегиң чуркурап,

www.bizdin.kg



Жана эмне дедиңер?
Эриң Кыяз баш болуп,
Элтең урган жедигер
Элтелеңдеп турасың,
Эселек акыл кыласың,
Баарың бирдей чуулдап,
Качуучудай чениңер
Каның, бегиң чогулуп,
Качып кетем дедиңер,
Атаңдын көрү, жедигер
Караалдыңар Канчоро
Жедигер саа жай чоро
Чын көкжалдын биридир,
Кадырдын жарык түнүдүр,
Айда тапкыс эрени
Желпинесиң жедигер
Акыл табар берениң,
Акыл тапса Канчоро
Жедигер сенин не дээриң,
Оюңа алгын жедигер
Канчоро сенин эрениң,
Канчоро аман барында
Алты өндүр суудa бөлүм жок.
Ай-аалам каптап кол салсын
Жедигер саа өлүм жок,
Жети өндүр суудa бөлүм жок,
Жер жайнаган кол чыксын,
Жер жапырып мол чыксын,
Бурулушта калаа жок.
Бууданыңар Канчоро
Жедигер саа балаа жок.
Манастын уулу көөдөктүн
Капкасын бузуп кан кылдык,
Кара жолун чаң кылдык,
Өрүштө малын май кылдык,
Өкүмсүгөн шерлерин,
Алакөөдөн, түрс кыял
Күрсүлдөгөн эрлерин.
Жылгынды, Кең-Кол, Таласка
Сырнайзаны ойноттук,
Сырттандарын сойлоттук,
Белеске тулпар туйлаттык,
Бегинин баарын кыйраттык,
Каарланса Канчоро
Кар жаадырар белиңе,
Жок, жакшылашсаң жедигер
Ур жаадырар элиңе.
Жадаал жиним кармаса,
Жан калбайсың жедигер!
Калайык ашып чыга алгыс
Катуусу көп-көк белдирмин,
Тууралап душман келе алгыс
Кара көкжал шердирмин.
Белести буздум жол салдым,
Мээнетин кылып көкжалга
Жер үстүнө кол салдым,
Бейлим кетип бир ишке
Өз абама кол салдым.
Атаңдын көрү, жедигер,
Байкасаң мынча олжо алдым,
Олжо эмей эмине?
Салмагы кыйын, заары күч
Сары канын жайладым,
Ай-ааламга бой бербес,
Топон суу жүрсө бой бербес,
Айзакердин ыктуусу,
Азаматтын мыктуусу,
Кыйла шердин кымбаты,
Бар көкжалдын баатыры,
Алтымыштын артыгы,
Айзакердин ыктуусу,
Колго түшкөн Күлчоро
Калың жандын мыктуусу,
Туткактуу жиним кармады,
Ак болотту майладым,
Ачуум азыр тийди эле,
Көп чоңойтуп өстүргөн,
Көөдөк эрди жайладым,

www.bizdin.kg



Капчалды бузуп, жол салдым.
Ээликме жиним кармады,
Эмчек ээмп бирге өскөн,
Эгиз чоро аты уйкаш
Күлчорону байладым.
Өчөшүмө тийгенде
Өздөн кайра тартпаймын,
Жадаалды жиним кармаса,
Жакында кылча кайтпаймын.
Жабылгыла, жедигер
Кек алууга уул болсоң
Камынгыла жедигер!
Уңгусу болот чоюнбаш
Оңурайтып аштаган,
Кечээ уруша чыга келгенде
Калың кара жедигер
Маңдайлашып турганда
Бакырып айза сунганда,
Айзалар канга чыкталып,
Арысландар жерде ыкталып,
Айкырып кирип Күлчоро
Каарды катуу баштаган,
Бабаңар Толтой көкжалды
Күлчоро союп таштаган.
Алдырып салып жедигер
Аттарын ээсиз коштогон.
Алда кайран бир боорум
Баланча жерде өлдү деп,
Жедигер минтип боздогон
Кырчындарын кыйраткан,
Кыйындарын сулаткан,
Каарлуу айза аштаган,
Калың Толтой, Чынкожо
Калтырбай кырып таштаган.
Бу Талас саа жер эмес,
Күлчоро саа эл эмес,
Күрсүлдөгөн куу кулду,
Оң далысын ойгула,
Оң кечирин сойгула,
Сол далысын ойгула,
Өлүк эмес, тири эмес,
Арам санаа бул кулду
Ара жайга койгула,
Жылма чаап бул кылып,
Жылкычыга кул кылып,
Каарды катуу салгыла,
Баатырсынган арамдан,
Бар дүмөк салган камандан,
Капкайда кекти алгыла.
Өзү бөлөк күнүндө,
Бизге душман зилинде,
Эки колу жок болсо,
Карааны калган чорону
Камчылап сабап сойгула,
Кашайта көзүн ойгула,
Жана каяша иш кылса,
Желкесинен ойгула,
Айбан, кузгун, каргага
Анык той кылып койгула,
Колго түшкөн душманга
Керишти кенен салгыла,
Кектелүү кегиң алгыла,
Муну келжейтип айдап баргыла.
Кулдун кулу кылгыла,
Кууратып жанын кыйгыла,
Жадатып сабап кергиле,
Жазасын колго бергиле,
Кыйноону кызык салгыла,
Иштетип, сабап токмоктоп,
Ит кордугун кылгыла,
Көңүл кордоп, оорутуп,
Капталын казып жоорутуп,
Талпактай сабап кергиле,
Жазасын ммнтип бергиле.
Опсуз өчүң алгыла
Кырк жылкычы, сексен кул
Ошо отунчу, суучу кылгыла,
Түтөтүп жанын кыйгыла,

www.bizdin.kg



Капкайда жинин тыйгыла,
Тирүүлөй тозок көргөзүп,
Ушунтип жанын кыйгыла.
Адам болсоң, эл болсоң,
Ук, жедигер, кебимди,
Улуксунган бу кулдан
Ушинтип алгын кегинди.
Абайлабай окустан,
Кыйнабай коюп кокустан,
Чыканактап уйку алып,
Чырым этип тынч алып,
Жамбаштап жанды тындырып,
Жатып уйку кандырып,
Сүйрүсүнө сүт толуп,
Ийрисинде эт болуп,
Эңишти эпсиз салбасын,
Эс алып кайра калбасын,
Жаман айтпай жакшы жок,
Жин оору тийбей бакшы жок,
Эс алчу болсо чорого
Даба кетет айла жок,
Эс алдырбай чоронун
Кончуна салгын чок,
Мунун жүрөгүнө темир ок.
Чылгый мээнет Күлчоро
Мындай балаа элде жок
Семирчи болсо бул чоро,
Сергичи болсо Күлчоро,
Акмаралды уй кылат,
Алышкан жерин буй кылат,
Көк марал кууп уй кылат,
Бу көрүнгөн өрттөнгүр
Көрүнгөн жерди буй кылат,
Болжолу жок куу кулга,
Кутуруп кеткен бул кулга,
Боор ооруба жедигер.
Боор оорусаң өлөсүң,
Кайра келбес чын жайды
Далай эриң көрөсүң,
Сергип алса бу чоро
Капкандын оозун кан кылат,
Кара жолду чаң кылат,
Кезиккениң жай кылат,
Тулумдууңду тул кылат,
Айбаттууңду кул кылат.
Татытат таамай тузуңду
Талап алат кызыңды,
Агызат суудай каныңды,
Олжого тийип малыңды,
Агызат суудай каныңды,
Чыркыратып жаныңды,
Чын агызат каныңды,
Ат аяган талаада
Атаңдын көрү жедигер
Жоо аяган жарадар,
Күч кылуучу дененин
Туш-тушунан оюңар
Кулдун кулу дене кул –
Дене кул кылып коюңар.
Кордоп жүрүп үшүнтип,
Булүнтүп мүшкүл тарттырып,
Букача жүктү арттырып,
Кыядан тийип көчүңдү ал,
Кызыталак чунактан
Үшүнтип жүрүп өчүңдү ал,
Оң бутуна бу кулдун
Кысырак байлап туйлатып,
Кыйшаңдаса чочкону
Кабыргасын кыйратып,
Белине аркан батырып,
Кабыгы менен катырып.
Эртең эрте турганда
Чылгый тери ийлетип,
Күүгүм кире, күн бата
Уйку бербей чорону
Тамашага бийлетип,
Талпактай сабап кергиле.
Карыган жылкы томугун

www.bizdin.kg



Аш ордуна жуткузуп,
Тогуз аяк суу берип,
Отунга опсуз салгыла,
Ушунтип кекээр алгыла
Денеден качып кан кетет,
Кутургурдан ал кетет,
Ажал келип, күн кетет,
Ачкага тозок кабылар,
Айла кантип табылар,
Дарман бошоп ал качар
Ай бөксөрүп күн өтөр,
Ажалы жетип минетер.
Жылкычы башы Карагул
Саа тапшырган кебим мына бул
Күдөрү кошпо ашына,
Күн сүйлөшүп кашына,
Күн тийгизбе кылайтып,
Бу кутурган кулдун башына.
Мунун уругу кытай тилинде,
Бизге душман зилинде,
Уламадан уласак,
Түлкү жайын чоронун,
Билгичтерден сурасак,
Алмамбет кытай уулу экен,
Семетей көөдөк кул экен,
Бул ааламга чыккан чатагы
Өрттөнүп өлгүр бул экен.
Эл санаба Чорого,
Бу бадырек Чоронун
Балбандыгы башкача,
Мунун баатырдыгы бир канча.
Мунун түбү күчтүү чылаба,
Бу түгөнгүр жайын сураба,
Мунун аркы атасы Солобо
Муну эс алдырган оңобу?
Бу күүсүнө келсе кутургур
Күрөштү кылбай коёбу?
Мунун аркы атасы абыдан
Курсагы тойсо кутургур
Сайышар жакка камынар,
Мунун аркы атасы чоң улук,
Семирип алса кутургур
Серпишке чыгар тоорулуп.
Буйрук кылып Канчоро
Күлчоро колго түшкөндө
Балбандарды чакырып,
Баатырларды бакырып,
Калың кара жедигер
Шай колдогон шериң чык,
Сөз айласын билчүң чык,
Сөз жөнүнө жүрчүң чык,
Айза алып айкырып,
Ураанын айтып чакырып,
Артыкча жоого кирчүүң чык,
Коркогуң калып шериң чык,
Кара ниет кан ичме
Кайратың толук эриң чык,
Мынабу Алмамбет уулу чорону
Көп көргөзбөй көзүмө,
Жакындатпай өзүмө,
Буту-колун кергиле,
Жазасын жакшы бергиле,
Жабыла каптап тургула,
Сенин жаның барбы, жедигер
Жаңкы айтканды кылгыла,
Таап берген эбимди,
Ук жедигер кебимди».
Айт-айтпаса төгүнбү?
Бу Канчоро баатырдын
Бул айтканы акыл кеп,
Бу дегени макул кеп,
Муну укпаган жедигер
Жети атасы капыр деп,
Түбү кытай Чорого
Тозокту толук салалы,
Толтойдун кегин алалы».
Деп, ошентип, жедигер
Кеп билбеске жөн эле

www.bizdin.kg



Чуулдаган кеп болуп,
Көп билүүчү көкжалга
Канчоро кеби эп болуп,
Жедигердин эр Кыяз:
«Ай, Канчоро, жан достум
Кулду аяган кишини
Туура Кудай чын урсун,
Акбуудайдын даны урсун,
Ак боз бээнин каны урсун,
Көк милтенин чогу урсун,
Береки көк бараңдын огу урсун,
Бу эл деген киши чорону
Ач болоттун сырты урсун,
Бере Аркескендин мизи урсун!
Достум, деген сөзгө көнүңүз,
Бу кытайдан келген кыйыкты
Кулдукка бизге бериңиз!»
Жедигер эли ичинде –
Алты миң касап, миң балбан.
Азыр баса калды эле,
Айласы барбы чоронун
Түбүнөн салган чоң жаңжал.
Ал Күлчоро байкуштун
Асылганы көп балбан.
Көмкөрөдөн салды эле
Көрсөк дүмөк ушул иш
Колго тийген баатырга
Жедигер жапаа салды эле,
Чыккан жерди камчылап,
Сабап жатып болду эми,
Оң далыны ойду эми,
Оң колунун кечирин
Такыр кесип койду эле,
Темирден торго салды эми,
Качырга байлап мингизип,
Калың кара жедигер
Олжо кылып алды эми,
Кол-аягын бекитип,
Качырга байлап таңды эле.
Мөңкүсө чыккыс шер чоро
Торго түшүп кетти эле.
Мөңкүсө ыргып чыга алгыс
Орго түштү Күлчоро,
Кайнатып жууса кетпеген
Шорго түштү Күлчоро,
Ээрге минбес шер чоро
Качырга жайдак токтоду,
Айлана курчап жедигер
Байыркыны жоктоду.
Дөөлөтүн аман чагында,
Канкорум абам барында,
Мында өлбөй не болдум
Байланган базар жолум, ай!
Белгилүү көкжал зорум, ай!
Кечээ Коңурбай башын кескенде
Улуңтуңду, Дыңшаны
Бөлүп албай не болдум!
Тирүү калбай окко учуп,
Ата, өлүп албай не болдум!
Кечээ, жыргал абам барында,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көкала калкан колго алып,
Эл башкарып, калык күтүп,
Эсирип ээн жатканда
Мында өлбөй не болдум!
Кечээ кара болот Зулпукор
Боолап турган кезимде,
Буудан оозун бурганда,
Кулак угуп, көз көрбөс
Элди жоолап турганда,
Мында өлбөй не болдум!
Кечээ Жылгындынын оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Кара-Буура, Баткалда,
Кечээ кашаттап кыргыз жатканда
Аргын, кыргыз ой тартып,
Конуп аткан кезинде
Күндүзү кымыз, түнү кыз

www.bizdin.kg



Болуп жаткан кезинде,
Көкжалым абам барында
Көп дөөлөт аман чагында
Мында өлбөй не болдум,
Кечээ эсил абам барында
Эриксек элик атканда,
Эрикпесек кеңкейип,
Кечээ кең Таласта жатканда
Мында өлбөй не болдум!
Кокуй күн, абам, өлбөй кал,
Кордукту куу жан көрбөй кал,
Артыгым көкжал, өлбөй кал,
Азапты чоро көрбөй кал!
Курсагым ача келгенде
Жаяны кесип жечү элем,
Абакем аман бар болсо,
Кылымга тиер дечү элем,
Кардым ачып келгенде
Казыны кесип жечү элем,
Баатырым абам барында
Балакет кайда дечү элем!
Кагышып жүрүп кайгырдым,
Каралды кылып отурган
Кан абам, сенден айрылдым.
Оорукту бузган кайран баш
Олжого кетип баратам,
Жердеген Кең-Кол, Таластын
Жолунда кетип баратам.
Жедигер сындуу кыргыздын
Мен колунда кетип баратам,
Жеткилең башым кор болуп,
Мөңкүсөм чыккыс бул элдин,
Колунда кетип баратам,
Он эки куйрук кырк чалгын
Омуроомдон айрылып,
Он Ала-Тоо, чоң зоңкок
Конорумдан айрылып,
Ай-ааламдын туткасы
Коргонумдан айрылып,
Дүнүйөгө бир көкжал
Болгонуман айрылып,
Оң колум кесик дарман жок
Кулдукка кетип баратам.
Тирүү адам байкап көргүсүз
Кордукка кетип баратам.
Колу-буттан айрылып
Мен зордукка кетип баратам.
Бу дүнүйө кордугун
Көргөнү кетип баратам,
Ушаланып кул болуп,
Өлгөнү кетип баратам.
Кайра тартпас чын жайды
Ушаланып чок болуп,
Көргөнү кетип баратам,
Тутанып жанып чок болуп,
Мен өлгөнү кетип баратам,
Жазай мүшкүл, каран иш
Көргөнү кетип баратам,
Мына ошондо Чорону
Тирүү кылбай тул кылып,
Жылкычыга кул кылып,
Кырк жылкычы кыйыны
Кыйын балбан Карагул –
Туура капыр мына бул.
Куйкаланган капырга
Жазалуу дартын берди эле,
Олжо кылып эр Кыяз
Кырк жылкычы баатырга
Олжо кылып, кул кылып,
Күлчорону берди эле.
Көчүгүн жерге тийгизбе,
Жылкычы башы Карагул
Кыяздын кебин угуп ал!
Астында кулуң мына бул,
Белгилүүнүн бели ошол.
Кабарында бар бекен,
Кан абаң Толтойду сойгон эр ушул.
Кеңешти кенен салыңар.

www.bizdin.kg



Кегиңди мыктап алар,
Отунчу-суучу кылгыла,
Талкалап жанын кыйгыла,
Мүшкүлдү мыктап салгыла,
Отун алып, от жагып,
Кызматчы кул кылгыла,
Көчүгүн жерге тийгизбе,
Үстүңө көп-көп киргизбе,
Чатак кылса окустан,
Чабыша кетсе кокустан,
Желкесин жетик ойгула,
Талпакча согуп талкалап,
Бул чорону сойгула,
Өлүк эмес, тири эмес,
Үп эткен жанын койгула,
Жазасын туура бергиле,
Кырк жылкычы кымбатың
Кез болгонуң кергиле,
Кардын кенен тойгузба,
Опсуз отун албайт деп,
Эриккениң жылкычы
Тамашага талап тур,
Жумада үч жол сабап тур.
Кийимин тытып ургула,
Адам түгүл айбандан
Артыгыраак кылгыла.
Бу Күлчоро акмактын
Каны калсын бир кашык,
Эти калсын көк жашык,
Буту кетсин салактап,
Көзү кетсин алактап.
Акыры жанын тынчытпай,
Чылгый тери ийлеткин,
Көрсөң мүшкүл ушундай
Көксөө чалча бийлеткин.
Жүзүң уруп кергиле,
Кырк кулач ала арканды
Атайы таап бергиле.
Айтканга азыр көнгүн деп,
Ал аркан менен бир отун
Дембе-дем алып келгин де,
Дембе-дем алып келбесең
Ошо чором өлдүң де.
Ажал жетип өлгүчө,
Кайра тартпас чын жайды
Өлүп башы көргүчө,
Каарды катуу салгыла,
Камчы алдына алгыла.
Кокустан келсе жиниңер
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаргыла,
Тентек болсо кыялы
Тескери болсо сыягы,
Тындым кылып салгыла,
Кыйшык жерин ондогун,
Ар бир күнү бир убак
Кол-бутуна чоронун
Кыл чылбыр салып толгогун,
Капия бөөдө болбогун!»
Деп, ошентип, эр Кыяз
Жылкычыга муну айтып,
Көрсө мүшкүл шумду айтып,
Көп тапшырып муну айтып,
Кылган экен кордукту,
Салды чоро башына
Киши кылбас зордукту.
Канынан буйрук келген соң
Жылкычы аяп турабы,
Колго тийген байкушка
Кордук кылбай турабы,
Кордобой коюп ушу жол
Жылкычы башы Карагул
Тим коюп Кудай урабы,
Эртең эрте чорону
Караңгы жерге каматып,
Камчы менен сабатып,
Жылкычынын баарына
Көкбөрү кылып талатып,

www.bizdin.kg



Көп жазасын берди эми
Оң колу жок, сол кол бар,
Күлчоро болду артык кар.
Башындагы кара бөрк
Кимдер ыргап кийбеген,
Дөөлөтү башта барында
Ким күркүрөп жүрбөгөн.
Күлчорону көргөндө
Жылкычы турмак жөн эле,
Кытайдын каны дүрбөгөн.
Бакты баштан качкан соң,
Каарды башка чачкан соң,
Мээнеттин саны чырмаса,
Мендеси кантип чыдасын.
Шай колдогон шер чороң,
Телегейи тең чороң,
Темтейген кара кул болуп,
Мына тезек терди Күлчоро.
Шай колдогон эрениң
Кол кесилип бул болуп,
Жылкычыга кул болуп,
Ал кырк кулач арканга
Отун таңып аркалап,
Жылкычылар капырлар
Артык сабайт талкалап,
Кордукту койдой салыптыр.
Толтой эмес, чородон
Жети ата өчүн алыптыр.
Кара жагал кементай
Капталы сандап бөлүнүп,
Далыдан кара кан агып төгүлүп,
Дал-дал болуп кементай
Туш-тушунан бөлүнүп,
Эңкейгенде чоронун
Жаман жери көрүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Өксөп ыйлап Күлчоро
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Тарчылык түшүп башына
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Өлөйүн дейт арынан
?лбөй жүрөт байкушуң
Жана бир нерсе ойдо барынан.
Талаанга түшүп кул болгон,
Шордуу чоро коногу
Мүшкүл мынча болобу?
Эми кайтып айталы
Калгандардын жомогун.
Бөлүнгөн бөксө жол менен,
Жедигердин эр Кыяз
Бөтөнчө душман кол менен,
Ак сакалдуу карганга,
Канчоро канга барганга,
Барып кеңеш салганга,
Ак асаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Добулбас бекем кагылып,
Канчоро кандын алдына
Барган экен жабылып.
Туу түбүндө Канчоро,
Ал Канчоро баатырды
Той кылышка бээ союп,
Дүнүйөнү тең коюп,
Асман жарган дуу кылып,
Жер үстүнө чуу кылып,
Эреңдин баарын бет кылып,
Ала-Тоодой эт кылып,
Ала-Көлдөй чык кылып,
Сары каймал* төө союп,
Сандап алган бээ союп,
Сайылган бактын баарысын
Канчоро кандын багы деп,
Салынуу турган алтын так,
Канчоро кандын тагы деп
Атактуу көкжал аттарын
Айттырбастан жойдуруп,
Канчоро атын койдуруп.
Киши тапкыс ой кылып,

www.bizdin.kg



Адамдан сайып алты жүз
Ат чаптырып той кылып,
Ааламдын калкын чогултуп,
Канчоро кан болду деп,
Билгенге мынча ой кылып,
Кожо, молдо жыйдырып,
Эрке катын Чачыкей
Канчорого ике кыйдырып,
Ал Канчоро баатырга
Алтын таажым кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Аргын менен кыргызды
Аралаша билгизип,
Күлчорону кар кылып,
Канчорону Таласка
Аким-султан кан кылып,
Канчоро кан болду деп,
Калык чуркурап, чуу туруп,
Арбагы ашык жан болуп,
Арысландын баары жай болуп,
Таласка чоро кан болуп,
Кан болгондо Канчоро
Элге өкүм чачты эле,
Өкүмүнө чыдабай
Кайран кыргыз качты эле.
Миң карача төө бер деп,
Миң кара кашка бээ бер деп,
Бир миң төөгө чай бер деп,
Миң атанга жүк чыкчу
Кызыл алтын зер бер деп,
Кыргызга алым салды эле.
Алымына чыдабай,
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы миң талаа,
Капчалга качып токтошуп,
Семетейди жоктошуп,
Кыргыз көчтү бир жайга
Капчал тоого токтошуп,
Өксөп-ыйлап кайран журт
Семетейди жоктошуп,
Кечээ Жылгындуу, Кең-Кол оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Кара-Буура, Чаткалда,
Кайкалап кыргыз жатканда,
Кең дүйнө кенен чагында,
Кабылан көкжал канкор шер
Семетей аман барында,
Көк түз бойлой кончу элек,
Эр Семетей барында
Көп кыргыз султан болчу элек.
Кан-Жайлак менен Суусамыр
Жерди жайлап турчу элек,
Жыргал көкжал өлбөй кал,
Канчоронун кордугун
Мендесине бербей кал,
Тору ала жорго тай бербей
Кан экен дебей канкорго
Томуктуу жилик эт бербей,
Жатуучу белек кайкайып,
Желип этип жел тийбестен
Ээликкен душман кирбестен,
Өтүк чечип, бут сунуп,
Добулбасты карс уруп,
Жетимдер миңдеп жылкы айдап,
Жетик шерден айрылып,
Кор болдук кыргыз шор кайнап,
Кырк тамандан ордону
Түзөңгө салып алчу элек,
Алтымыш кысыр, жүз байтал
Мөрөйлөшүп сайчу алек,
Уткан жак союп алчу элек,
Эриксек элик атчу элек,
Кунан минип, куш ойноп,
Кутуруп ойноп жатчу элек.
Кымбат көкжал барында
Кымыз ичип кызышып
Чекеден терди сызышып,
Арак ичип алкынып,

www.bizdin.kg



Ак туйгундай талпынып,
Жерге-Тал бойлой essкончу элек,
Жетик шердин барында
Жеткилең султан болчу элек,
Арак ичип кутуруп,
Ууга кирип алчу элек,
Айыкпаган бир үлкөн
Чууга кирип алчу элек.
Кудайсынып кыргыз журт
Курган көкжал барында
Дууга кирип алчу элек,
Асман-жерди кыйраткан
Чууга кирип калчу элек.
Чуу эмес шумдук көрдүкпү?
Эр көкжалдан айрылып,
Кордук көрүп өлдүкпү?
Доор-кыямат тозокту
Тим эле шерден айрылып,
Кокуй, канкор, өлбөй кал!
Ата болуп асырап,
Эне болуп сактаган
Эрен султан өлбөй кал,
Бейпайды кыргыз көрбөй кал.
Кезек качып, дүйнө өтүп,
Кайран кыргыз эл элек
Калабызбы мынетип!
Кабылан көкжал барында
Булут минип, муз бүркүп,
Музмурутча жүрдүкпү?
Канчоро кан болгон соң
Качып кирер эл таппай,
Тирүүлөй кирер көр таппай,
Өрттөнүп жанып күйдүкпү?
Бороонкүптү биз болуп,
Кайда калар экенбиз,
Буудан шерден айрылып,
Буркурап ыйлап кайгырып,
Бутка чокой тартынып,
Сайда калат экенбиз,
Бузук мүшкүл иш көрүп,
Таң атпас күүгүм түн көрүп,
Кан басымы кыямат –
Качып, тентип сабылып,
Моюнга куржун салынып,
Жаханамды бул кыргыз,
Кезип кетер бекенбиз?
Жайсыз канга кезиктик,
Жай таба албай кайран журт
Безип кетер бекенбиз?
Кайран жерден айрылып,
Канчоро болду каныбыз,
Кашайган белем жаныбыз!
Төгүлөт белем каныбыз,
Алымга кетип малыбыз.
Күлдү кыргыз соо калбай,
Күлазыкты чачабыз.
Күүлөнчү болсо Канчоро
Күйүтүнө ким көнсүн,
Туш-тушту көздөй качабыз,
Жет-Кайтка жете кетебиз.
Канчоронун каарынан,
Журтка төккөн заарынан,
Чыдабай тентип кеттик деп
Арт жакка айта кетербиз,
Өлбөчүдөй жутунуп,
Тоңбоочудай кумтунуп,
Боздой-боздой өтөрбүз,
Кыйлабыз качып Алайга,
Кыйланарбыз далайга,
Өксөгөндөн күйөрбүз,
Кабылан баатыр, канкор шер
Семетей кошуп жүрөрбүз,
Э, атаңдын көрү, кайран журт
Кулалы учат жерине,
Кандан кордук көргөндө
Курама кетет элине.
Телик куш учат жерине,
Каны катуу иш кылса,

www.bizdin.kg



Тентиген кетет элине,
Айтып турган бул кепти
Кырык чоронун даанасы,
Кутубийдин баласы.
Тоюна токсон сойдурган,
Акжолтой деп койдурган,
Акжолтой айтып мындай кеп,
Журт чуркурап, зарлоо жеп,
Сүйлөп турду мындай деп.
Акжолтойдун кеби бул:
«Бул Семетей эр көкжал –
Атасынын бабасы
Туура болгон санаасы.
Бүгүнкү күндө кан болуп,
Ажыдаардай заар чачкан,
Заарына чыдабай
Журт чуркурап, эл качкан,
Канчоро кандын касабы.
Кантип бу журт тартабыз,
Бу дүмбөкүнүн азабын,
Кан болуптур Канчоро
Карап туруп нетебиз,
Каарынан жан күйөт
Кай жакка кирип кетебиз?
Күлдү малды чачалы,
Күн тийген жакка качалы.
Бир бөлүнүп кетелик,
Аты угулган Ийренге,
Бир бөлүнүп кетелик,
Тетиги Индистан тарап тереңге.
Бир бөлүнүп кетелик.
Об дайранын боюна,
Кеткенде журтум, жөн кетпей,
Журт кор болбос ой кылып,
Кочкоруң биттеп, бой кылып,
Буканы биттеп, уй кылып,
Айгырың биттеп ат кылып,
Малыңдын баарын түрк кылып,
Эркегин бойдок ирк кылып,
Төрт түлүктү чачалык,
Каарын көрдүк каныңдын
Эми төрт жылдан кийин качалык,
Төрөбүздөн айрылып,
Канчоро карап нетели,
Калбай бүт журт кетели!
Күлазык жарып чачалы,
Каарын күтүп жети жыл
Анан журт калбай качалык.
Азыр уксаң сөзүңдө
Ала деңгил чала бар,
Айчүрөк айым ичинде
Айкөлдөн калган мураапы
Алтайлык талгак бала бар.
Көңүлдө көп-көп санаа бар.
Айдай катын Айчүрөк
Айчүрөктүн ичинде
Үч айлык талгак бала бар,
Жети жылы болгуча
Бул Канчоро канкордун
Дегенине көнөлү,
Алымын чыдап берели.
Айткан ишин кылалы,
Беренден белек калар го
Ай бөксөрүп, күн өтсө,
Арадан жети жыл өтсө,
Айчүрөк төрөп салар го.
Эркек болбой кыз болсо,
Төрт түлүктү чачалык,
Төрөбүздөн айрылып,
Качалы анан каңгырап.
Эгерде эркек уул болсо,
Колго мунар болууга
Чокмор кылып алалык,
Кайрандан калган белек деп,
Андан кийин баланы
Караан кылып калалык,
Журт бүлдүргөн Канчоро,
Төрөнү сойгон бу чоро

www.bizdin.kg



Журт бүлдүргөн куу чоро,
Керишти кенен саларбыз,
Жетим жүрүп жетилсе,
Анан жерге кирсин Канчоро,
Жеткилең бир кек аларбыз!
Ажалдуубуз өлөрбүз,
Кадыр Алла жазганын
Каалаганын көрөрбүз,
Бу кан болгон экен Канчоро
Жети жыл каарын көрөрбүз,
Төрөлүү кыргыз кайран журт
Төрөбүздөн айрылып,
Тентийбиз кайда кайгырып?
Айтылган кыргыз элиңдин
Канчоро каардуу болду деп
Айрылабыз Ала-Тоо,
Аркайган кайран жеримден,
Чатак кылбай, чыр кылбай
Жети жыл чыдап туралы,
Жети жылда келбесе,
Аргын, кыргыз кайран журт
Анан Кудай бербесе,
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Мекен кылып нетели,
Андан кийин кетели».
Акжолтой аба муну айтып,
Канчоро кан болгон соң,
Дегенине көнөлүк,
Айткан алым жардыгын
Такыр койбой берелик».
Эл чуркурап, акыл деп,
Мунун атасы баатыр Кутибий
Ошпур калмак уулу экен,
Кара көкжал баатырга
Ордо бузуп, олжо кылып,
Орчун жерге чыр салып,
Ойрон Манас көкжалга
Кырк чоронун мыктуусу
Кутубий балбан ал экен,
Тоо жоголгон урчуктан,
Томурайган тумшуктан,
Чөлкө-Мазар оюнан,
Кайып-Кырдын боюнан,
Кудай кылган убара
Кезиккен экен баатырга
Алты Кызыр дубана,
Айткан экен Манаска
Кул ээрчиткен баланын,
Алты шердин кенжеси
Алданын сүйгөн мендеси,
Айттым ушул билип ал,
Айттым канкор тилимди ал,
Ошпур атын жоюңуз,
Кутубий атка коюңуз,
Кутубий жүрүп кат билер,
Кудайдын атын жат билер,
Бу укчу айткан сөзүмө,
Ушул аман болсо, Кутубий
Мураа болор өзүңө.
Бул Кутубий кыраанын
Бузуку сөзгө тутулбас,
Буттайын бузуп ийсе да
Бууданым, сенден бузулбас.
Укумунан тукуму
Артындагы балдарга,
Тукумга калган жандарга,
Үзүлгөнүң көп улар,
Чачылганың көп жыйнар,
Өчкөн отуң тамызар,
Өлгөн жаның тиргизер,
Кеткениңди келтирип,
Кемигиңди толтуруп,
Сары адырмак бел болот,
Түбү уюткулуу эл болот,
Мураага калган Кутудан
Кечээ тоюна токсон сойдурган,
Ар сынчы көрүп жактырып,
Атын Акжолтой деп койдурган.

www.bizdin.kg



Акылга дыйкан даанасы,
Кутмандуу куту баласы,
Куу акылдуу Акжолтой
Мунун акылманын карачы,
Ак сакалдуу карганы,
Узак жашап барганы,
Эрендерин, шерлерин,
Акылга дыйкан эрлерин,
Жыйып алып Акжолтой,
Ар акылы сан колдой,
Тилге чечен Акжолтой,
Кара тилин кайраган
Качырса сөздөн тайбаган,
Карчыгадай камынган,
Кайыптан акыл табылган,
Жүгүрмө чечен эр эле
Аты угулган ааламга,
Акылы чыккан далайга,
Көзү көргөн алыстан
Көп жагынан байкаса,
Жеткилең экен Акжолтой
Жеке чыккан жарыштан.
Айзакерден Акжолтой
Ыктуулугу дагы бар,
Жоонун айбын билген абыдан
Мыктуулугу дагы бар.
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Кадимки чечен Акжолтой
Өткөрө кепти кылбаган,
Өксүп кеткен көп элди
Качтырбастан боздурбай,
Туш-туш жакка тоздурбай,
Кыргызды тосуп калды эле.
Акжолтой оозун тыйгыча,
Кудай бетин көргөзбө,
Асманга учуп топурак,
Аскер кайнап топурап,
Барабан үнү бапылдап,
Кериней үнү такылдап,
Чыкыроон тартып кең майдан,
Чымчык учпас кең сайдан,
Аңырайган кең сайдан,
Чоң-Жылгындын оюнан,
Кең өзөн Талас боюнан,
Бар-Көлдүн маңдай жагынан,
Баатыр Манастын сайган багынан,
Дарбазалуу ордодон,
Чачыкейдин коргондон,
Төрт-Күлдүн төмөн жагынан,
Төрө Бакайдын салган багынан,
Бозала желек туу болуп,
Бой-бойлогон чуу баштап,
Желектүү айза алыптыр,
Жер жарылган чуу болуп,
Жедигердин эр Кыяз
Достум, жакшы келдиң деп.
Канчоро кан күүлөнүп,
Эр Кыязга сүйлөнүп,
Калың кара жедигер,
Колуңарга кубанам,
Кол бергениң эр Кыяз
Зоруңарга кубанам.
Керүүгө кыргыз конуптур,
Кечикпей жолуң болуптур.
Аргын жолго конуптур,
Аябай жолуң болуптур,
Мыкты журт элең жедигер
Билген чырды кылыңар,
Кыйындап мүшкүл салыңар,
Кызыталак канкордун
Кыйласын талап алыңар,
Тобуна мүшкүл салыңар,
Тополоңун тоз кылып,
Токтотпой талап алыңар,
Жойлоп салдың жедигер
Таластын канкор дөөсүн
Жакындаса кыргыздын

www.bizdin.kg



Жайната мушта мээсин,
Топтотуп тий бээсин,
Бейпайды бекем салгыла
Бээсине келсе ээсин,
Чыгарып кет бу журттун
Капкайдагы кээсин.
Булардын жердегени кең Талас,
Булардын көкжал шери эр Манас,
Сыйынганы Семетей,
Сырттан шери Күлчоро,
Бу кутурма тийген ушу журт,
Теле зың-зың этип кенебейт,
Бул үчөөнөн башканы
Бучкагына теңебейт,
Эрдик менен кесирди
Буларга берген ченебей.
Мында кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп,
Боз коёндон түлкү көп,
Босого жыйган түлкү көп,
Кутуруп өлгөн бу журттун
Кийгени түлкү киш болгон,
Семетей журтка баш болгон,
Жабыла кир жедигер,
Ордону бузуп дилде алгын,
Оймок ооз, бото көз
Ойногон келин-кыз, катын
Так олжо кылып миңди алгын,
Кайраттуусун күм кылгын,
Эр Семетей өлгөндө
Олжосун мынча алдык деп,
Калайыкка дүң кылгын.
Алал малдуу жедигер
Алты миңдин аты олжоң.
Арзыбаган жамандар
Алты жүздөн ат алгын,
Жеткилеңдүү көйкашка
Жети миңден ат алгын,
Жеталбаган жамандар
Жети жүздөн ат айдап,
Жети-Өзөн атак жериңе,
Жедигер баргын элиңе,
Алжып калган чалдарын
Белинен кармап бүктөп кет,
Агар алтын, ак күмүш
Желмаян, билге жүктөп кет.
Олжого бу журт канышсын,
Эчен дүйнө, калың мал
Жедигер журтуң алышсын.
Эсепсиз эрдик кылдык деп,
Жер жерине жедигер
Бир мактанып барышсын.
Бу канкордун аймагы
Алгандай түр болсун,
Доор-кыямат мендеге
Унуткусуз иш болсун.
Канкордон калган белгилер
Өрттөгөндөй түз болсун,
Жагылуу отун өчүргүн,
Сөзгө келбес жан болсо,
Тескери тентек жан болсо,
Бу дүйнөдөн кетиргин.
Жапаны жаман салгыла,
Жардык кылдым жедигер,
Жайнатып чаап алгыла!
Эрениң алтын бил алган,
Миңдей кызыл нар айдап,
Ар куйругун өргүлө,
Алтын менен күмүшүн
Көмүрдөй чачып көргүлө.
Олжо күбүң ушундай.
Насы үмүт куру калбасын
Балдардан өөдө бергиле,
Балдарда олжо алышсын,
Колуна тийген алтынды
Жаңгакка барып сатышсын,
Оюн салып ал балдар
Талаага барып атышсын.

www.bizdin.kg



Канчоро кандын тушунда
Тамаша мындай болду деп,
Кызыкка кыйла батышсын,
Эрдигимди көрүшсүн ,
Карган кара жедигер
Жамандары жакшысы,
Молдолору бакшысы,
Балбандары эрени,
Киштелүүсү оңдору,
Кичинеси, чоңдору,
Терең акыл карысы,
Текши журттун баарысы,
Журт чуркурап чуу болсун,
Көз көргөнгө сын болсун,
Таласка мүшкүл чыр болсун,
Кулан укса дуу болсун
Жедигердин журтуна
«Канчоро кандын доору» – деп,
Унутулгус кеп болсун»,
Деп, ошентип, Канчоро
Каар салып бакырып,
Кан Кыязын баш кылып,
Калтырбай журтун чакырып,
Шыбырашпай түртүшпөй
Ачык кептен салышып,
Ошо кезде Канчоро
Күрдөлүү иши оңолуп,
Күптү кири жоголуп,
Калыптыр чоро оңолуп,
Абасы канкор Семетей
Бу дүйнөдөн жоголуп,
Күйүккөн жүрөк басылып,
Күптүсү чыгып жарылып,
Чемен дарты жоголуп,
Ченебей чочкоң оңолуп,
Тилегени кабылып,
Каалаганы табылып,
Абийир күлдөй жабылып,
Көк камандай чамынып,
Эл бүлдүрүп, журт бузуп
Бузук жакка камынып,
Ээ, кызыталак Канчоро,
Башынан кары кетпеген,
Боз ала борчук тоо эмес
Болбогурду көрдүңбү?
Ээ, калмактан келген жоо эмес,
Өз болотун мокотуп,
Өз тууганын жоготуп,
Бурулган экен быйыл түш,
Өзүнүн элин талаткан
Кылымда болбойт ушул иш».
Калың кара жедигер
Акылманы муну ойлоп:
«Кылымдан ишин оңолтсо,
Шайтан болуп кагышып,
Туткагы кармап арам кул,
Биздин Кыяз канды жоготсо,
Айылды чууга салар деп,
Өзүнүн калкын минетти,
Бизди кайдан аяр деп.
Мындан бетер бу чоро
Айылды бузган куу чоро,
Мындан артык мүшкүлдү
Биздин элге салар деп,
Кылтайчу болсоң окустан,
Кыжырласа кокустан,
Бизди да кошо соёр деп,
Киши чечкис ой кылып,
Өз агасын өлтүрүп,
Калың элин той кылып,
Калайыкка кан болуп,
Жазат экен канатын,
Карматат экен бу чочко
Баягы жаманатты адатын,
Мунун кармаган калкы чуу экен,
Бастырганы кыр экен,
Бу кызыталак Канчоро
Байкаганы чыр экен.

www.bizdin.kg



Эз журтуна чоронун
Кылган иши бул экен,
Акыры бирди көрөрбүз
Бул аябаган шум экен.
Тиктегени заар экен,
Мунун чамынганы каар экен
Бузуктугу чиркиндин
Чынкожочо бар экен,
Таруудан ичи тар экен,
Кежигеси көржейип,
Арамдан тууган жан экен.
Өз агасын өлтүрүп,
Өз тууганын кор кылган,
Кайсы жерде бу кулдун
Кимге элдиги бар экен.
Жаратылган абыдан
Жаткан Кудай каар экен,
Биздин эр Кыязга кай жерде
Туугандыгы бар экен?
Улук болду Канчоро
Урушту мыктап көрөрбүз,
Ажалдуубуз өлөрбүз,
Канчоро эмес шум чоро,
Кара жолтой бу чоро.
Эртең улук нан болсо,
Калк башкарып, журт күтсө,
Кан болом деп минетсе,
Капыр кесири калың кул экен,
Аркы атасы Акбалтай
Арыслан Чубак уулу экен,
Ай-ааламга чыр салган
Туулган бала бул экен,
Өз агасын өлтүргөн
Кара саат бул экен.
Жети өзөндө жедигер
Эртеңки күндө чыр кылса
Керикке кошун артат ко,
Керинейин тартат ко,
Кесири калың чунайгыр
Керегеге бутун артат ко,
Билген чырын кылат ко,
Жети-Өзөндө жедигер,
Бизди акыры Кудай урат ко,
Каарлуу кыйын шер экен,
Калтырбай журтту кырат ко,
Алдатып салып бу кулга
Биздин Кыязды Кудай урат ко,
Биздин калың жедигер
Бир азапты тартат ко,
Бу кутурган чоронун
Куйкуму турат көзүндө,
Мунун култулдак турат сөзүндө,
Мунун чаары турат көзүндө,
Жабылып кетсин Канчоро
Чатагы турат өзүндө.
Мунун чалгайы турат көзүндө,
Тим эле бузугу турат өзүндө,
Жаңжалы турат колунда,
Мунун чатагы турат оюнда,
Чабышпай бул кул калабы,
Мунун чалгайы турат боюнда».
Ак сакалдуу карганы
Шыбырашып сүйлөшүп,
Шыңкылдашып түртүшүп,
Ашкере терең ой-ойлоп,
Баш чайкашып бой-бойлоп.
Жылгындуу, Кең-Кол, кең Талас
Кыргыз жатар бел эле,
Манастын уулу Семетей
Кыргызга тутка эр эле.
Телегейи тең эле,
Ичин көрсөң жөн эле
Жер жүзүнөн кең эле,
Алда мазар салбаган
Кыргыз турмак кылымга,
Кылым эмес урумда,
Кулагы уккан элинде,
Көзү көп көргөн жеринде,

www.bizdin.kg



Укурук кайрар калбаган.
Эл чегеси шер эле
Эгем таалам жаратып,
Эми кыргыз уулуна
Колго бербейт тегеле,
Мунун түнөп өткөн жерине
Түптүү чынар тал бүткөн,
Мунун түбүнөн Алдам жар бүткөн.
Мунун конуп өткөн жерине
Короодой терек орногон,
Нак каяша кылган душмандын
Эгерде эки болбогон.
Эгизге тийди бул Чоро
Эгерде оңбойт экен деп,
Эр куткулап, журт бузуп,
Эмгекке салар бекен деп,
Жедигердин баарысын
Ууга салар бекен деп,
Айыкпаган чоң мүшкүл
Чуугa салар бекен деп
Бу жедигердин баарысын
Суугa салар бекен деп,
Адам билгис, журт көргүс
Дууга салар бекен деп,
Канчоро болду атагы,
Ааламга тиер чатагы,
Чатак кылбай жатарбы?»
Калың кара жедигер –
Жедигердин баарысы,
Жашы менен карысы,
Артын ойлоп, дуу кылып,
Ой-ойлошуп, чуу кылып,
Арам санап чородон
А жедигер турду эле.
Жедигер оозун жыйгыча
Канчоро чыкты бакырып,
Калтырбай элди чакырып,
Каарланып чамынып
Кара жолтой чорого,
Кайыптан акыл табылып
Ачууланып сөз баштап,
Чамынганда Канчоро,
Кулжуңдаган кутургур
Жаткан бузук ал чоро
Кынсыз кылыч байланып,
Жай жарагын жайланып,
Кеп айтууга шайланып,
Кара көзүн кан чалып,
Айбат салып бакырды,
Калың кара жедигер
Калбай кел деп чакырды,
Чогулманын сазына
Чогуу жыйын кылыңар,
Тапкычташып табыңар
Карыясы Бакай кан
Бакай канды чабыңар,
Сакалы куудай агында
Сапары чукул барында,
Кузгундай көзү кызарды
Куудай сакал узарып,
Көзү калган ириңдеп,
Көөдөнү калган кирилдеп,
А кызыталак кан Бакай
Көргө башы киргиче,
Жерге жаны тийгиче,
Жеткилең акыл ойлогон,
Бузуктугун койбогон,
Кыйла бузук Бакайда
Таап шорун керемин,
Жазасын өзүм беремин,
Ычкынтып белин бүктөйүн,
Сары атанга жүктөйүн,
Кайнатып шорун арттырам,
Сексен шыктуу балбанга
Көкбөрү кылып Бакайды
Жумада үч жол тарттырам,
Эселекке талатам,
Акыл бербей Бакайга

www.bizdin.kg



Тирүүлүктөн жадатам,
Картайганда Бакайдын
Эсебин өзүм табамын,
Эзелки жинин кагамын,
Айласын артык кылармын,
Эсирип өлбөс Бакайды
Эптеп башын алармын,
Кордукту койдой саламын,
Бу – Манастын тукуму
Койбой журтун жыямын,
Таш талкан кылып кырамын,
Өз билгеним кыламын.
Калың кара жедигер,
Калбай кел» – деп бакырып,
Каарлуусун чакырып,
Мына ошондо Канчоро
Калбай кел деп чакырып,
«Жедигердин эр Кыяз
Эрениң мында турасың,
Айла тапкыч акылман
Берениң мында турасың,
Белсенип жоого кирүүчү
Калың кара жедигер
Каның мында турасың,
Калың эскиртип журт билген
Баарың мында турасың,
Көрөгөч журт баарыңар,
Узун кулак сарыңар,
Укумсуз билчү мыктууңар,
Азга билчү мыктууңар,
Кең көкүрөк шериңер,
Буттайың отко күйсө да
Муңайбаган эриңер,
Бурулуп бери келиңер,
Жоболонбос шериңер,
Жолго ак жолтой эриңер,
Жондуу кара жедигер,
Жолборсум бери келиңер.
Канчоро кандын кебине
Калык ынана бериңер,
Каның айтат эми сөз
Калайык эми көрүңөр,
Калык башкарган Канчоро
Канчоронун атагын,
Билесиң го калың журт,
Айчүрөк долу чатагын.
Ал Айчүрөк долуну
Кыяз кан албай жатарбы,
Ал Айчүрөк катындын,
Кылпылдаган капырдын,
Сулуу аталган атагын,
Жергелүү кыргыз салышкан
Көрбөдү беле чатагын,
Алуучу Толтой кан болгон
Күйүп өлгөн кутургур,
Күлчородон жай болгон,
Өткөн бир иш жайынан,
Айчүрөк долу айынан,
Эчен кожо, кан өлгөн,
Эңишкен жандын баары өлгөн,
Момундан нечен жан өлгөн.
Бооланып айза жыйылып,
Төлөк баштап карыя
Канчасы бирдей кырылып,
Чачылып кеткен эмеспи
Жедигер журттун айылы,
Жесир калып зайыбы,
Бузулуп быт-быт айылы,
Чыкпай калган белгисиз
Жедигердин дайыны
Жергеде калган талдары,
Жетим калып балдары,
Кырылып канча кандары,
Мандайлаша келгенде
Кырылды кыйла жаныңар
Долу Чүрөк алам деп,
Кыргын болдуң баарыңар
Кезетиң келди чырынды

www.bizdin.kg



Кылбайсыңбы жедигер,
Колуңа түшкөн душманды
Кырбайсыңбы жедигер,
Артыкча так чоң мүшкүл
Салбайсыңбы жедигер,
Өлгөндөрдүн чын кегин
Албайсыңбы жедигер,
Кезегиң келди колуңа
Көрбөйсүңбү жедигер,
Канкордун катын, балдарын
Бөлбөйсүңбү жедигер,
Каалаганын Канчорого
Бербейсиңби жедигер,
Каның айткан жарлыкка
Көнбөйсүңбү жедигер,
Сансыз дүйнө көп олжо
Таппайсыңбы жедигер,
Семетей кандын ордосун
Чаппайсыңбы жедигер,
Кайдагы жинин кыргыздын
Какпайсыңбы жедигер,
Каардуу мүшкүл, чоң кыргын
Салбайсыңбы жедигер,
Жана каардуу катын Айчүрөк
Олжо кылып долуну
Албайсыңбы жедигер,
Жер-жериңе мактанып,
Мунун үлкөн тоюн чуу туруп,
Кылбайсыңбы жедигер,
Жети-Өзөндөн койбой журт
Жыйбайсыңбы жедигер,
Сандаган малды той кылып,
Сойбойсуңбу жедигер.
Ике кыйып Кыязга
Койбойсуңбу жедигер.
Ак селдечен кожоңду,
Дарс окуган молдоңду,
Уча алуучу карыңды,
Уска билчү баарыңды,
Жыйбайсыңбы жедигер,
Улугуңар Кыязга
Чап икени ушунтип,
Кыйбайсыңбы жедигер!
Күндөй сулуу чүрөктү,
Күйүтү артын дүмөктү,
Чүрөктүн жайы ушундай.
Ак эмчегин булайтып,
Аркардай таңын кылайтып,
Бótодой көзүн жайнатып,
Алтымыш балбан, сексен эр
Ортосуна айдатып,
Кулак угуп, көз көргөн,
Көргө элге сын кылып,
Айчүрөктүн башына
Журт көргүсүз мүшкүл чыр кылып,
Албайсыңбы жедигер!
Айчүрөк сулуу капырың,
Канчоро айткан акылың,
Эр каргыш тийген эр Кыяз,
Каалаcа сенин катының.
Чын талашса жесириң,
Чындаганда өз зайбың,
Жети-Өзөндө айылың,
Талашып жүрүп Таластан
Тартып алган зайыбың.
Кызык оюн, чоң тойго
Батканың кандай э, Кыяз?
Кыздай көрүп Чүрөктү
Жатканың кандай э, Кыяз?
Кан көтөрүп чорону
Койгонуң кандай э, Кыяз?
Кызык оюн тамаша
Тойгонуң кандай э, Кыяз?
Ордо утуп так минип,
Чоң дөөлөткө керилип,
Батканың кандай э, Кыяз?
Чоң тамаша кең жыргал
Жатканың кандай э, Кыяз?

www.bizdin.kg



Ойдологон капырды,
Ал Айчүрөк катынды
Айтканым ушул билип ал,
Эр элең Кыяз, тилимди ал!
Айчүрөктү алганда,
Айлыңа алып барганда
Жалгыз катын жакалап,
Жарды бузуп жибербес,
Чатак кылып бир катын
Малды бузуп жибербес,
Эки тизгин, бир чылбыр
Катын дебей Чүрөктүн
Как колуна бериңиз,
Кылтылдаган капырдын
Дегенине көнүңүз,
Айткан ишин кылыңыз,
Жеңе алган долу катынга
Жети жыл мезгил өткүчө
Дегенин кылып туруңуз,
Алтындатып так салып,
Айлана чынар бак сайып,
Тал бүрдөбөй калбасын.
Булбул дечү түрлүү чымчыктар
Мунарда такшып сайрасын,
Кара жолтой капырдын,
Каардуу Чүрөк катындын,
Ичинде кеги калбасын.
Ар чынардын түбүнөн
Булак кайнап ташысын,
Ар чынардын үстүндө
Муңдуу жандар сайрап таңшысын,
Муну уккан жан ыйлап жашысын.
Сейилдикке ордо сал,
Жедигер дөөсү эр Кыяз
Адам болсоң, шер болсоң
Бул айткан сөздү оюңа ал.
Эрениң жыйнап оюн кыл.
Канчоро кандын оюн кыл,
Кеменгер эрдин сөзүн кыл,
Кенече кебин таштабай
Айтканымдын өзүн кыл.
Түмөн сөз айтам билип ал,
Түгөнгөн Кыяз тилимди ал,
Төрт түлүгүң шайлап ал,
Төбөңдөн тийген Чүрөктү
Дүнүйөң менен алдап ал.
Бул Айчүрөк катынды
Кылтылдаган капырда
Немине бар, нелер жок.
Жакшы сулуу жаркырап,
Адамдыгы дагы бар.
Чын дубакөй жадүгөй
Капырлыгы дагы бар.
Айтканым ушул эр Кыяз,
Артылтып камчы чаппаңыз,
Астына күнү албаңыз,
Азапта минтип калбаңыз.
Эркексинип жиндебе,
Эгерде сөгүп тилдебе,
Жадыгөйлүү капырдын,
Дубалуу Чүрөк катындын
Кокустан көөнүн оорутсаң,
Жаңжалдашсаң окустан,
Уруш кылсаң кокустан,
Учканын жума күн билген,
Жүрүшүн кадыр түн билген,
Атбороюн сыдырган,
Ай-ааламдын баарысын,
Учуп жүрүп кыдырган,
Сыпаа сулуу капырдын,
Бул Айчүрөк катындын,
Сырдашпаган бели жок,
Сынабай калган эри жок,
Кыдырып учпас бели жок,
Кыдырбай койгон эри жок.
Ай-ааламды кыдырган
Алты арышты билген күң,
Ай-ааламдын баарысын

www.bizdin.kg



Чалып жүрүп көргөн күң,
Эр адамдын жаныдыр,
Бул улук катын Айчүрөк
Ургаачынын каныдыр.
Жети-Өзөн толгон жедигер
Жергелүү журтуң жыйыңыз,
Эл оозунда элек жок,
Ушактуу журтуң тыйыңыз.
Орой сөздүү бузуку
Олжо катын дебесин.
Оолугуп угуп Айчүрөк
Атасы Акункандын шаарына
Оолугуп учуп барбасын.
Оогандан жыйнап кол алып,
Оңой эмес мол алып,
Агала мунар тоо болуп,
Ач айкырык куу сүрөөн
Айгайлаган чуу болуп,
Боз тулпар минип куралып,
Боз ала кериш туу алып,
Болжобой согуш кылбасын
Жайды, кышы согушуп,
Жапалашып турушуп,
Жылкыдан тулпар кер өлүп,
Журт чайпалып, эр өлүп,
Эл азапка тутулуп,
Эрендин баары бузулуп,
Дагы жаңжал болбосун,
Абайлагын Кыяз дос
Андай чатак болбосун.
Жеме кылба окустан,
Баатыр, теңеле кетпе кокустан,
Не деген сөзүн эп көрүп,
Моюн буруп туруңуз,
Алты жыл коюп жайына
Ашыкпай катын кылыңыз.
Дегенине көнүңүз,
Каалаганын бериңиз,
Кайран катын Чүрөктү
Калкындан артык көрүңүз.
Сураса бербес сан жылкы
Суук укурук салыңыз,
Сулуу катын Чүрөктү
Сумсайтып өзүң алыңыз.
Мээнет тартып Чүрөктү,
Белекке тартып алыңыз.
Бере, берениң Канчоро баатырды
Ааламга кан көтөрүп салыңыз!»
Жедигер жалпы баарысы
Ал Канчоро баатырды
Ак кийизге салды эми,
Айланасы чынар бак,
Мунарада алтын так,
Алтын таажым кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Кан көтөрүп салды эле,
Дарбазалуу коргонго,
Чачыкейдин ордого,
Эр Семетей өлдү деп,
Кайра тартпас чын жайды,
Кайран киши көрдү деп,
Кабар түшүп калды эле.
Кечээ көп дүйнөнү чачканда
Эр Семетей зор көкжал,
Таласты көздөй басканда,
Кожодон сегиз жыйды эле.
Букардын каны, кары кан
Кыз күндө алып берди эле,
Таежеси ал эле,
Бу эрке катын Чачыкей
Семетейдин жары эле.
Айтып барган кабарчы –
Кабарчыны чакырып,
Бул айтканың чын болсо,
Өтүрүк эмес, тың болсо,
Дегениңе көнөйүн,
Нар баштаган алтымыш
Сүйүнчүгө берейин.

www.bizdin.kg



Баабединин бат айтып,
Балкылдады ал катын,
Канчоро каным алар – деп,
Кайгынын баары жоголуп,
Капанын баары оңолуп,
Жаркырап катын оңолуп,
Күптүнүн баары жазылып,
Күйүккөн жүрөк басылып,
Кечээ канкор аман барында
Күйүттүн көбүн билчү элек,
Канчоро менен экөөбүз
Күбүрөшө жүрчү элек.
Кыраңга элкин конууга,
Эрди-катын болууга,
Убадабыз бар эле,
Эрке катын Чачыкей
Эпсиздин мынча баркы бар,
Убадага, тилекке
Жетишкен экен каркыбар.
Сүйүнчүнө алтын ал,
Чачылган алтын муштумдай,
Төрөсү өлсө сүйүнүп,
Чачыкей жайы ушундай.
Арамдыгы билинип,
Канчорого тийүүгө
Катын турган экен сүйүнүп.
А Чачыкей катынды,
Чалкалаган капырды,
Тоюна токсон тай союп,
Дүнүйөнү тең коюп,
Семетейдин чоң ордо
Жедигерге бастырып,
Агар алтын, ак күмүш
Зарып кылып чачтырып,
Кожо-молдо жыйдырып,
Ал Чачыкей катынды
Канчоро ике кыйдырып,
Тамашанын кыйынын
Калайыктан арттырып.
Олуя чалдын Бакайын
Сексен кыйын балбанга
Өлтүрбөстөн житирбей
Көкбөрү кылып тарттырып,
Көкбөрү кылса эр Бакай
Сексен эмес миңине
Моюн бербей кан абаң,
Ар качандан бир качан
Тозок тарткан ал абаң,
Тонунун баары булунуп,
Сакалдын баары жулунуп,
Зооттун баары булунуп,
Картайган Бакай абаңдын
Муруттун баары жулунуп,
Балбан талап жатканда
Бакай сындуу бабаңыз,
Байгамбар сындуу абаңыз
Күйөрүнөн ажырап,
Кор болгонун караңыз,
Куудай сакал кубарып,
Куурап турду бабаңыз,
Күйөрүнөн айрылып,
Атаңдын көрү алакчы
Көрбөгөнүн караңыз,
Көзүнүн жашы он талаа
Өлөйүн деп өлө албай
Ыйлап жүрөт бабаңыз,
Бышарынан айрылып
Байкуш Бакай абаңыз,
Боздогонун караңыз.
Бет быржыйып суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый куюлуп,
Кең дүнүйө тар болуп,
Келберсип Бакай кар болуп,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок!
Ич өрттөнүп боору жок,
Чапчышарга чамаа жок,

www.bizdin.kg



Бекчейип барып бел кеткен,
Бакай абаң колунан
Бар кайрат качып, ал кеткен,
Өлөрүнө тап коюп,
Оңбогон кары минеткен.
Ооздон шекер сөз кеткен
Ойрон абаң өзүнөн
Бая бадырайган көз кеткен,
Шайман качып Бакайдан
Мушкүлгө мыктап баткан кез
Жаткандан бөлөк жаны жок
Жамбаштап Бакай жаткан кез,
Күйөрү жалгыз жоголуп,
Канчоро көкбөрү кылып тарткан кез.
Дөңгөлөнүп айгырдын
Жолунда жүрөт эр Бакай,
Жетимиш балбан жедигер
Колунда жүрөт эр Бакай,
Кең дүнүйө тар болуп,
Кеңешке баргыс зор Бакай,
Балдарынан айрылып,
Башкача жаман кор болуп,
Көк сүлөөсүн кымбат бөрк
Кимдер ыргап кийбеген,
Бакай шерди көргөндө
Ай-ааламдар дүрбөгөн
Айланасы темир тор,
Бакай канда калың шор,
Көп жарыш алган шер Бакай
Көкбөрү болду ошо жол,
Дөөлөтүм аман барында
Кыялым артык жан элем,
Аркы атасы бу кулдун
Акбалтай канча бар элең,
Эми кокуй күн жалгыз өлбөй кал,
Кордукту бу жан көрбөй кал.
Күч армандын чагында,
Жалгыз аман барында,
Узун бойлуу, кең далы
Ары балбан, ары шер
Жайнаган кызыл чок эле,
Жаанамда жок эле,
Айга жолдош чолпонум,
Ардактаган солтонум,
Армандуу жанга керегим,
А дүйнө кеткен Албамдан
Алып калган белегим
Жетиктеп белин курчанган,
Жети сан кара жоо чыкса,
Жеке кирип кол салган,
Кыраандардын кыскасы,
Кымбат эле Күлчором.
Күйөрүм жалгыз, өлбөй кал,
Сапары чукул барында
Күйөрүм жетим, өлбөй кал,
Күйүттү Бакай көрбөй кал!
Ээ, мен Бакай зымырык этин жедимби?
Сырттандардан айрылып,
Ар качандан бир качан
Күйүп өлсүн дедиңби?
Картайганда мен Бакай
Өңгөчө дууга түштүмбү,
Мүрөктүн суусун ичтимби?
Көп жаңылып курган жан
Кузгундун көзүн жедиңби?
Ар дайымдан, бир дайым
Айланайын Жараткан,
Бакайды куурап өлсүн дедиңби?
Менин боз ала туйгун болпоңум,
Боз карчыга чолпонум,
Маңдайда жалгыз чынарым,
Башымдагы мунарым,
Кабылан жалгыз, өлбөй кал,
Кайгыны куу жан көрбөй кал!
Дөөлөтүм башта барында
Олуя чалдын Бакайы,
Баатыр деген экемин,

www.bizdin.kg



Тумшугумду мен Бакай
Такыр жеген экемин.
Кайгыны башка салгыча
Карытпай Кудай алсаңчы!
Тозокту башка салгыча
Томпойтуп бу жер калсаңчы!
Кашайта көзүн Канчоро
Оюп салбай не болдум,
Тирүү койбой мен сени
Ымыркай бала чагында
Союп салбай не болдум!
Олуязаада Каныкей
Белгилеп айткан сөз эле
Аман болсо зилинде
Душман болот деди эле,
Эмчек сорсо кан чыкты
Орою бөлөк түрүндө
Душман деген зилинде,
Жүрөгүнөн чуу чыкты
Беризаада бейбактын
Айткан кеби чын чыкты,
Абайлабай мен Бакай
Аркы-терки чалыпмын,
Ак сакалым кыркылып,
Абайлабай калыпмын.
Мээнетинен шашыпмын,
Олуям качып башымдан
Кокуй болгон экенмин,
Алысты көрбөй мен Бакай
Сокур болгон экенмин,
Кыйла жыл өлбөй жутунуп,
Кымбатыман айрылып,
Карыганда мен Бакай
Көкбөрү болдум тытылып.
Кабыргам кетти булунуп,
Он эки мүчө, сексен сөөк
Сапарым чукул барында
Такыр кетти жулунуп,
Улук да элем, дөө да элем,
Урматым жалгыз барында
Учкулуу журтка ээ элем,
Улугум жалгыз кеткени
Уйпаланып жүрүпмүн,
Кул болуп, жанып-күйүпмүн,
Өйдө башым өлүпмүн,
Күйүп-жанып, күл болуп,
Азапты мынча көрүпмүн.
Кайраным көкжал барында,
Касиет бүтүн чагында,
Кашатта болот там элем.
Касиетим эң мыктуу
Байгамбар сындуу жан элем.
Касиетим жоголуп,
Олжо чал атка конупмун,
Өлбөй узак көп жашап,
Жаманатты болупмун.
Кечээ Бакай кан чакта,
Көөдөндө акыл бар чакта,
Тушуккан жоону кырууучу,
Туу түбүнө туруучу
Туура мыктуу кан деген,
Кабылан Бакай дедирген,
Катуу даңктуу жан элем.
Өзөнү элем колоттун
Шилтегенде баш кескен
Курчу элем болоттун.
Болотум кетип, жез болуп,
Кан жалгыздан айрылып,
Канчоро канга кез болуп
Төө кайтарып, уй багып,
Сабалып өлмөк экемин.
Ак сакалым жулунуп,
Ак чепкеним булунуп,
Зордуктан өлмөк экемин.
Балбандарга булдуруп,
Кол-аягым жулдуруп,
Кордуктан өлмөк экемин.
Өлөрүмдө жөн өлбөй

www.bizdin.kg



Ушинтип өлмөк экемин.
Картайганда Бакайдын
Көзү уңкуюп жайнады,
Чыдай албай Бакай эр
Канчорону каргады:
«Ой, Канчоро, кулунум,
Кандан кайра тартпаган
Кара болот кылычым.
Оңбой калган кул ботом,
Бу кылыгың курусун!
Ымыркай бала кезиңде
Мойнуңа тумар таккамын,
Боор кысып кучактап,
Алдейлеп жүрүп баккамын,
Ачкадан өлүп кетет деп,
Казыдан кесип жегиздим,
Каныкейдин эмчегин
Каадиксиз тууган болсун деп,
Эки арам саа эмиздим,
Калың аргын, көп кыргыз
Бөтөнчө өл Канчоро
Качан «балан» дегиздим.
Эреңге канат болсун деп,
Ээрчитип жүрүп эр кылдым,
Эр уулу менен тең кылдым,
Жетим кезиң чоң кылдым,
Жетилдирип мөл кылдым,
Үзгүлтүк элең уладым,
Чачылганда жыйнадым,
Өчкөн отуң тамызып,
Өлгөн жаның тиргиздим,
Эрбейген боюң, эр кылдым,
Балам эбегейсиз шер кылдым,
Эрдигиң журтка арттырдым,
Эңкейгенде абаңды
Элге көкбөрү тарттырдың,
Карыганда Бакай абакең
Калкка арзан кан беле
Көкбөрү тарттың Канчоро
Маадериң өчү бар беле,
Эңкейгенде зор Бакай
Эгиниң кам ордумбу?
Бабаң Балтай, Чубактын
Баарысын мен сойдумбу?
Аланды ала качтымбы?
Ак алтын дүйнөң чачтымбы?
Куланды кууй качтымбы?
Куруткандай сени мен
Куржунда булуң чачтымбы?
Балам, өзөн-өзөн өзөнчө
Өзөнчөгө конуп кал,
Күйөрүңдөн айрылып,
Өзүң мендей болуп кал!
Балам, өлбөй-житпей көп жашап,
Балам, менин тонум кийип кал,
Балам жанарыңдан айрылып,
Өзүң мендей болуп кал,
Балам, мен өңдөнгөн бышарың,
Болуп калсын душманың,
Ичинде калсын бушманың!
Мен өңдөнүп сакалың кетсин
жулунуп,
Кабыргаң кетсин булунуп,
Балам, керүүче бойлой конуп кал,
Жалгызыңдан айрылып,
Жапаа түшүп башыңа
Өзүң мендей болуп кал!»
Чакчелекей чаң болуп,
Курган Бакай абаңыз,
Мунун дүмөгү мынча караңыз.
Баатыры көкжал барында,
Аалам журтка кан болуп,
Кымыз ичпес зор Бакай
Кыйгыл сууга зар болуп,
Абырою артык жан болуп,
Арак ичпес зор Бакай
Ачкыл сууга зар болуп.
Күйүттүү мүшкүл бак келип,

www.bizdin.kg



Буудай батпас оозуна
Буканын башы чак келип,
Тарчылык мушкүл бак келип,
Капырай, таруу батпас оозуна
Тананын башы чак келип.
Берен Бакай абаңдын
Кебетесин карачы,
Бели кеткен бекчейип,
Көзү кеткен чекчейип,
Көз чуңкуру ириңдеп,
Көөдөнү калган кирилдеп.
Эки колдон күч кеткен,
Адамчылык бүт кеткен.
Өлүм орток Бакайга
Өңгөчө кордук салды эле,
Ал Канчоро каардын
Жандаганы көп балбан.
Бакайды кылып көкбөрү
Канчоро кылды чоң жаңжал
Каарланып Канчоро,
Канчоро айтат мындай кеп:
«Мен касиеттүү жан болдум,
как баш!
Калайык ийрип, журт күткөн
Мен кол токмоктой кан болдум,
как баш!
Мен уу ачытам күбүңө, кан баш,
Ушунтип жетем түбүңө кан баш!
Сенин тамырың суурупалармын,
как баш,
Саа далай бир тозок салармын,
как баш,
Тирүүлөй өчүм алармын, как баш!»
Деп, ошентип, Канчоро
Алтымыш катын, он кемпир
Абакеңди сабатып,
Жетимиш балбан капкачы
Капка баккан балбанга
Абакеңди талатып.
Күндөп-түндөп тозогун
Сан түмөн мүшкүл койдуруп,
Колу-бутун Бакайдын
Көк улактай чойдуруп,
Көк ала койдой сойдуруп,
Куру дүрмөт ок менен
Бута коюп аттырып,
Буудан Бакай абаңа
Бу мүшкүлдү тарттырып,
Карыган Бакай абаңдын
Мээнет шору көп болду,
Бакай кандын жатканы
Чоп алачык үй болду,
Картайганда Бакайдын
Эки көзү төрт болду,
Картайганда кан Бакай
Кара жер менен тең болду,
Каарланып Канчоро
Кайран шерин жоготуп,
Таласка салды зордукту,
Картайганда Бакайды
Кара жер менен тең кылып,
Кылган экен кордукту,
Кечкиргенде Бакайды
Кемпирлерге сабатып,
Бир жумада эки жол
Балбандарга талатып,
Бир эмес миңче жол кылып,
Бакай канды кор кылып
Бая Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Үч-Кошойдун боюнда,
Чоң Төрт-Күлдүн оюнда,
Каныкейдин ак сарай,
Анын каалгасы темир сом калай,
Анын калыңдыгы бир далай,
Эшиги болот капкасы,
Ошо капкадагы бакмачы,
Желдеттери жетимиш

www.bizdin.kg



Жан көрүнсө жамынган,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган,
Карасаат карандын
Сыртынан көргөн багынган.
Анын ар жак жагында
Кынжылалуу балбаны
Балбандын бирөө бошонсо
Адамдын чыгат далдалы.
Кайран энең Каныкей
Каалап салган ак сарай,
Калыңдыгы момундай,
Ар немеге чак сарай,
Беризаада Айчүрөк
Берен бейбак келгенде,
Мекем кылып алгын деп,
Берен энең Каныкей
Бейтаалайга бергенде,
Кайран катын Айчүрөк
Айланасын бак кылып,
Ортосун алтын так кылып,
Ойронуңа чак кылып,
Опсуз кылган ак сарай,
Көкжал шерге чак сарай.
Даңгыраган ак сарай
Мунун аземдиги момундай,
А сарайдын сонуну ай,
Аземдеткен момундай.
Жакут, Көөхар ташынан
Аземдетип жардырган,
Айландыра сарайды
Коздотуп салдырган,
Алтын менен сырдаган,
Күмүш менен чырмаган,
Эки киши унчукса,
Өзүнөн өзү ырдаган,
Карагайдан оо кылган,
Таштан жыйып тоо кылган,
Айза сайса мадаган,
Алалбай душман жадаган,
Алып адам жетпеген,
Төрт аяктуу айбандан
Чычкан жойлоп өтпөгөн.
Белесин душман чалбаган,
Бет алып адам барбаган.
Бараанын көрүп сандаган
Бара албай менде таң калган,
Айланасы шер коргон,
Андасаң мындай жер болгон,
А сарайдын баткалда
Катын бейбак Айчүрөк
Кайкалап шордуу жатканда
Куп мураапы Акжолтой
Кургуруң чуркап жетиптир.
Мунун Канчоро болгон душманы
Чырын айтып туруптур,
Көзү көргөн, билген сөз
Мунусун айтып туруптур,
Айыкпаган бир үлкөн
Дууну айтып туруптур.
Адам бейлеп айткысыз
Чууну айтып туруптур,
Астында буудан аты жок
Арманын айтып туруптур,
Калың кара жедигер
Кырык эки курчап баатырды
Алганын айтып туруптур.
Ат жок Айкөл дардайып,
Калганын айтып туруптур.
Кара тилин кайраптыр
Кан Акжолтой сайраптыр.
Жедигер курчап келгенде
Жедигерге Канчоро
Жеткилең шыкак бергенде
Өз ичинен жоо чыгып,
Өзөгүнөн дарт чыгып,
Калганын айтып туруптур,
Ата, сырттан кабылан

www.bizdin.kg



Зың-зың этип кенебей,
Жедигер каптап келгенин
Бучкагына теңебей,
Атсыз калган айкөл, шер
Кыбыланы баштанып,
Ач болотту салынып,
Аколпокту жамынып,
Сунган бутун түк тартпай,
Жумган көзүн түк ачпай.
Кечээ Канчоро кан, Кыяз кан
Качырып айза салыптыр,
Мылтык атып, жаа тартып,
Камап жатып калыптыр.
Атсыз калган кайран шер
Арамдан айза жегени
Айып болду деп уктум,
Өлүп сөөгү табылбай,
Өзүң көргөн шериңиз
Кайып болду деп уктум.
Колоттон туман табылып,
Ачкайкаң-Тоонун башына
Карарып булут жабылып,
Томурайып тоо кулап,
Кыян жүрүп, боор сулап,
Күндүр-түндүр түн болуп,
Колотко аңгир суу толуп,
Тескейдеги жыгачтын
Тамыры чыгып сороюп
Жедигердин арык ат
Такыр өлүп тороюп,
Муразына баатырдын
Жетип калды деп уктум,
Кайып болуп айкөлүм
Кетип калды деп уктум.
Баатырдын айткан кеби эле
Карыганда кан Бакай,
Картайганда Чыйырды,
Менден калбай өлсүн деди эле,
Карган энем Каныкей
Мандай сөөгү кайкы деп,
Ар качандан, бир качан
Күн көрөрү тайкы деп,
Кежиге чачы өр эле,
Көрөрү калың шор эле,
Чыңырып бетин жыртпасын,
Тажаалчылык кылбасын,
Чымындай жанын кыйбасын,
Өлүп калса энекем
Акылсыз мүшкүл чала бар
Өлбөй жүрүп көрсүн деп,
Айчүрөктүн боюнда
Алты айлык белги бала бар.
Тоюна токсон сойгула
Эркек болсо баланы
Сейтек атка койгула,
Төрөнүн керек кеби эле,
Так ушундай деди эле.
Ободо чолпон жылдыздай
Болжош кылгын деди эле,
Өлбөсө Күлчорого
Жолдош кылгын деди эле,
Беттеп кирген душманга
Санат болот деди эле,
Аман жүрсө Күлчорого
Канат болот деди эле,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Курсакта калып жетилип,
Кургурума кезигип,
Жылгынды, Кең-Кол, кең Талас
Жерин табар деди эле.
Жыргалдуу кыргыз, көп аргын
Элин табар деди эле.
Канкор айткан керээзи –
Айчүрөккө айт деген:
«Кандап бетиң тытпаңыз,
Кара чачты жайбаңыз.
Катуу дүмөк, чоң мүшкүл

www.bizdin.kg



Кайран башка келген соң,
Андай ишти кылбаңыз,
Каралуу башың эр кылгын,
Катын башың туу кылгын,
Канчоро менен Кыязга
Адам көргүс чуу кылгын.
Керүүдөн айдап көчүңдү,
Келжиреген акмактан
Кейибей ал өчүңдү.
Таластан ал көчүңдү,
Ургаачы жолборс-шер болсоң,
Чын Айчүрөк сен болсоң,
Арамдан алгын өчүңдү!»
Деп, ошентип, Акжолтой
Айтып ийди мындай деп.
Канатыңар Күлчоро
Чекесин тешип тул кылды,
Далысын кесип чорону
Жылкычыга кул кылды.
Ач албарс кылыч аштады,
Калгандарды Канчоро
Калтырбай кырып таштады.
Сары кан союп сапырды,
Бабам Бакай карыя
Көп жаңжалын арттырды,
Көкбөрү кылып тарттырды.
Каарданып күйүңдү,
Калың аргын, көп кыргыз
Кайран жандан түңүлдү».
Капырай, Акжолтой мындай
деген соң,
Ал Чыйырды карыя
Карчыгадай камынып,
Каныкейге жалынып,
Алты миң нар, миң тайга
Сатып алган ак тинте,
Кынынан суурун алыптыр,
Кыйкыргандан чыңырып,
«Кымбаттан кантип калам» – деп,
Кыйсүбөөгө малды эле.
Өзүн өзү байбиче,
Жара тартып салды эле.
Шордуу энеси Каныкей
Өкүрүп, өксөп тура албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Өңү качып адашып,
Ак тинтени талашып.
Чыңырып ыйлап чыркырап,
«Ай, жалгыз,– деп» буркурап.
Бөдөнөдөй көзүнөн
Бөтөнчө кандуу жаш агып.
Чыңырганда ал кетип,
Чыңырганда көзүнөн
Кара кочкул кан кетип,
«Чолпонум» – деп чыркырап,
«Жалгызым» – деп буркурап,
Кабырга сөөк сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Турганы сарай бел болуп,
Эки көздөн аккан жаш
Этектеп көлчүк сел болуп,
Кайран энең Каныкей
«Күлботом – деп буркурап,
«Күйөрүм» – деп чыркырап,
Күл ботолоп буркурап,
Кечигип чачым өргөнүм,
Зарыгып жүрүп көргөмүн,
Эми менин көрөргө
Каран кара түнүм бар,
Медер кылган жалгызым
Сенден бөлөк кимим бар?»
Деп, ошентип, Каныкей
Ыйлап турду зыркырап,
Боздоп турду буркурап,
Эс ала албай жалдырап,
Өлүү десе, көрдө жок,
Тирүү десе, санда жок,
Чамада чарчап, кан кетип,

www.bizdin.kg



Каныкейден ал кетип,
Эстен танып минетип,
Бозоруп өңү кубулуп,
Тик турбай кулап жыгылып,
Эстен танып калды эле.
Каныкей үнүн укканда
Кайың кейип, тал ыйлап,
Калың журттун баары ыйлап.
Мурундун баары буу болуп,
Эрени журтка дуу болуп,
Эл журттун баары чуу болуп,
Жер силкинип, таш ыйлап,
Жеткилең кыргыз башы ыйлап,
Асты калың жер ыйлап,
Акжолтой баштап эр ыйлап.
Кечээ кабарында бар бекен,
Кайыбынан кабылган,
Медиянын чөлүнөн,
Кан Манаска табылган,
Атасы кандык Кумайык
Оозун ачып аңылдап,
Аза күтүп заңылдап,
Семетейден айрылып,
Айып болду ак тайган,
Каргысын алып ыргытып,
Кайып болду ак тайган.
Көзү кара, көк шал бут,
Канатын жыйып шукшурбас
Текөрүү темир, тээги жез
Казды көлдөн учурбас,
Тегереги эки кез
Тепкени тирүү кетпеген,
Колу үстүнөн эт жеген.
Чалгыны болот кубарган,
Чабыттаса мендени
Чын кумардан чыгарган.
Боосу жибек, тору алтын
Болжолу жок Акшумкар,
Жанды көрсө талпынган,
Учурганда көкжалы
Тогуздап тоодак артынган.
Башын кулалы чаңкап, куш кылып,
Семетейге туш кылган,
Күпкөгө салып бактырган
Чегер аян экен деп,
Кан Бакай сынап жактырган.
Жагоосун алтын тактырган,
Теминсе колдон ойногон,
Асмандаса бу кыраан
Жанды тирүү койбогон,
Беттегенде чабыттап,
Көзү көргөн алыстан!
Туура учканда кайырган,
Туура конбой дайрыган,
Учурган жан кубанган,
Бет алып шумкар учканда
Кулабай жандар калбаган,
Көрсөң мындай Акшумкар
Агытып салса куш эле,
Семетейдин мүлкү эле.
Аза күтүп Акшумкар
Ар толгонуп баркылдап,
Бутун кайсап тыткылап,
Томогосун каккылап,
Кол көтөрсө жем жебей,
Аза күтүп абыдан
Боор жүнүн талкалап,
Тыткан экен Акшумкар.
Кайып болуп талаалап,
Качкан экен Акшумкар.
Караса көзгө илинбей
Кайда экени билинбей,
Кайып болуп Акшумкар
Алтын боосун талкалап,
Тыткан экен жаныбар.
Бир адамга көрүнбөй,
Кир кишиге билинбей
Кеткен экен Акшумкар.

www.bizdin.kg



Акшумкар антип турганда,
Эрен ыйлап, кан ыйлап,
Көргөн жандын баары ыйлап,
Таш кайраттуу шер ыйлап,
Талыкпай эчен эр ыйлап,
Чуу туруп, эл ыйлап,
Ыйлагандын баарысы,
Жашы менен карысы,
Жаман жакшы баарысы,
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Канкор көзү кеткен соң
Кандай заман, кандай күн?
Болор экен деп ыйлап,
Айкөл көзү жок болду.
Аргын, кыргыз бу журттун
Айлы кандай конор? – деп,
Айласы кандай болор? – деп,
Эли кандай конор? – деп,
Элдин ээси жоголду.
Аргын кыргыз бу журттун
Эсеби кандай болор? – деп.
Журт чуркурап, чуу болуп,
Асман жарган дуу болуп,
Эр султан аман барында
Эл чуркурап муну айтып,
Билгенге кыйла шумду айтып,
Канкор аман барында
Кысырдын тайын жечү элек,
Кырдан кытай кыйкырып,
Кызык уруш чыр кылса,
Балакет кайда дечү элек?
Бере, Кара-Буура, Чаткалда
Кайкалап кыргыз жатканда
Кызыл мунар жер жайнап,
Кызык кулун бээ байлап,
Күндүзү кымыз, түнү арак
Болуп аткан кезинде,
Коштоп кийип суусар бөрк
Элкиндеп силкип кийчү элек.
Эриксек жоого тийчү элек,
Берендин көзү барында
Беттешип кытай жоо келсе,
Бээжинге чейин сүрчү элек,
Будурдан бугу атчу элек
Муңайбай аман жатчу элек.
Бере, келеңкер соору, кең чачпак
Келини сулуу эл элек,
Канкор эрдин барында
Бизге балакет кайда дээр элек?
Адырдуу Талас жерибиз,
Кулаптыр аска белибиз,
Канкор шерден айрылып,
Сынган белем белибиз,
Адам, сыздаган белем элибиз,
Байланган белем багыбыз,
Сынган белем шагыбыз,
Адырында аркар бар,
Күңгөйүндө күмүш бар,
Куу түзүндө кулан бар,
Тектиринде теке бар,
Тоосунда кары бар,
Токоюнда чары бар,
Жылгынды, Кең-Кол, Таласта
Бу жыргалдын баары бар.
Булагы кайнап ташыган,
Булбул чымчык таңшыган,
Таңшыганын укканда
Муңканып жигит жашыган.
Элкин Талас жер эле,
Ушу турган кайран журт
Эркин кыргыз эл эле.
Бет алып душман жеңбеген,
Кармашып калык келбеген,
Ушу турган аз кыргыз
Жер соорулап жайнаган.
Эшигинин алдына
Минден бээ байлаган,
Элкин жаткан эл элек,

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Бөрк ал десе, баш кескен,
Суу ич десе, уу ичкен
Кан төк десе, жин төккөн
Келе бакан, куу союл
Келтекке чак эл  элек.
Каалап сүйсө адамга
Кадыр түн өңдүү түн кайда?
Канкор карап бу жерде
Карап турган күн барбы?
Калың кыргыз, көп аргын
Самсааласак кокустан,
Салыша кетсек окустан,
Кыргын болсо каныбыз,
Салыш болсок баарыбыз,
Самсалай качып ашууга
Сары адырмак бел кайда?
Азапка салбай бу журтту
Ажыратып калуучу
Айкөл өңдүү шер кайда?
Эми бел байлаган бел да жок,
Бекип аткан жер да жок,
Караанды тоодой каның жок,
Каралдуу кандан ажырап,
Көп кыргыз сенде алың жок,
Калкы кетип ээн калган
Адырдуу чалкак жер кандай?
Агынан күйгөн жан кандай?
Ээсиз ээн мал кандай?
Эсил шерден айрылып,
Эми кыргыз тозокту
Тартабыз го ар кандай?
Эми биздин Кең-Колго тиккен
пахта жок,
Керилип жатар чак да жок,
Эми, Таласка курган бак барбы?
Таалайлуу шерден айрылдык,
Талтайып жатар чак барбы?
Эми, бизде дөбөдө тиккен
бак барбы?
Дөөгүрсүп жатар чак барбы?
Бизде көңүлдө далай бушман бар,
Бизди көмгөнү турган душман бар,
Бере Алты-Шаар, кокондун
Кордугу турат ошонун.
Курларын селде чалынып,
Кудуретке жалынып,
Чалгырты турат ошонун
Караан таппай белиң жок,
Кадимки көкжал шериң жок,
Бүгүндө көргөн эртең жок,
Ичиң жалын, бооруң чок,
Ушундай болор дүйнө бок!
Ар тозоктон тозуучу
Айкөлүң көкжал мында жок!
Калың журт кейип, муну айтып,
Адамдан мүшкүл шумду айтып,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Калың колдон кеп угуп,
Кайда экени билинбей,
Семетейди кайып болду деп угуп.
Журт чуркурап күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Арадан кетип Семетей
Калың чуулап турду эле.
Атасы өлгөн эмедей,
Айчык алтын туу толуп,
Калың журт кейип турганда
Асман жарган чуу болуп,
Мүшкүлдүү балаа башташып,
Малы түгүл жанынан
Такыр кечип ташташып,
Журт чуркурап күйүнүп,
Өйдө-төмөн жүгүрүп,
Семетейди укканда
Дуугa кирип алыптыр,
Айыкпаган бир үлкөн
Чуугa кирип калыптыр,

www.bizdin.kg



Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Кырга кирип алыптыр.
Журт чуркурап, чуу түшүп
Чууга кирип алыптыр,
Калайык беттеп баргысыз
Сынга кирип алыптыр.
Кырдан кытай каптаса
Каяша берчү каның жок,
Кагыша кетчү алың жок,
Кечип менде чыга албас
Катын, эркек кошулуп,
Колго кетер бекенбиз,
Өлбөй, житпей кордуктан
Аман болор бекенбиз,
Тириликтүү кул болуп
Жаман болор бекенбиз.
Баягы канкор эли деп,
Көрүмгө түшөр бекенбиз,
Маңдайдан бараң кол салып,
Бөлүнгө түшөр бекенбиз?»
Эр Семетей баатырга
Кыргыз журттун баары ыйлап,
Акылга дыйкан, уз ыйлап,
Кырмызы көйнөк, айча бел
Кылтылдаган кыз ыйлап
Ак сакалдуу кары ыйлап,
Албан түрлүү жан ыйлап,
Карыган ыйлап, жаш ыйлап,
Журт чуу түшүп, күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Кара кийип, кан жутуп,
Калың аргын, көп кыргыз
Калың эл чуулап турду эле,
Журт чуркурап турганда
Желиккенден бакырып,
Эр Кыяздап чакырып,
Канчоро каарды баштады
Канчоро каарын көргөндө
Ак сакалдуу карысы,
Ыйлаган журттун баарысы,
Качып, качып тарады.
Уңгусу болот, учу курч
Уңурайган айза алып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кылып ийчү немедей,
Жай-жарагын жайланып,
Жазайыл, чокмор, чоюн баш
Мунун баары жайланып,
Семетейдин казына –
Казынанын капкасын
Капкадагы бакмачы
Бакмачысын басыптыр.
Бөлөкбай баштап, кырк калча
Кырк Калчаны союптур,
Казынага Канчоро
Ант урган арам тоюптур.
Буланы булап алыптыр,
Бузукту иттей салыптыр.
Бүтүн кундуз терисин,
Жыра тартып жиберип,
Багалекке салыптыр.
Баатырсынып балпаңдап,
Мыктуусунуп дардаңдап,
Дөбөгө чыгып бакырып,
Жедигердин Кыязын
«Калбай кел» – деп чакырып,
Дөбөгө туруп Канчоро
Арбак урган куу чоро
Кан кайратын билгин деп,
Аргын менен ногойду
Атаңдын көрү жедигер,
Олжо кылып киргин деп.
Кайраттуусун көргүлө,
Калган малы, кыз-катын
Кан олжосу ушудур
Камчыга ченеп бөлгүлө,
Алтын, күмүш, кымбат бул
Жүктөй албай калгыла,

www.bizdin.kg



Агача келин, сулуу кыз
Үптөй албай калгыла.
Жети миң кызыл нар айдап,
Нар куйругун өргүлө
Чубактын уулу Чоронун
Бу кызыгын көргүлө!
Адырда жылкы алты сан,
Тулпары сонун ала баш,
Аргымак-буудан аралаш.
Тобурчак күлүк мээси жок,
Тосуп алчу Таласта
Менден бөлөк ээси жок,
Оңго башчы, жүз башы,
Элүү башы, миң башы,
Бөлүп алып кайтыңар,
Каным жардам берди деп,
Маа ыракмат айтыңар.
Сапырылган сан дилде
Олжо бөлүп алыңар,
Канчоро эрдик кылды деп,
Жериңе айта барыңар.
Урушпастан, тартышпай
Эрен кандын сан дүйнө
Эптеп бөлүп алыңар,
Эреним деп, шерим деп,
Ээ, жедигер, билгиле!
Баатырдын шердигин
Байкап билип жүргүлө!
Кызырканып окустап,
Кыйкырык салып кокустан,
Кылым чыдап тура албайт,
Чапчышкан жакын келе албайт,
Чабышып душман жеңе албайт,
Маңдайда баатыр турганда
Бармактуу адам батабы?
Тырмактуу душман тиеби?
Суук боор беттеп киреби?
Берен Чороң барында
Билегим жоон, таш жүрөк,
Бил мүчөлүү бадырек,
Чороң карап турганда
Чогуу сууда бөлүм жок,
Жедигер саа өлүм жок,
Кара суууда кеме жок,
Кан Канчороң турганда
Жедигер, саа өлүм жок!
Таласта кыргыз, аргындын
Малын союп той кылгын,
Баатырын союп, ой кылгын,
Капканын оозун кан кылгын,
Кара жолун чаң кылгын.
Сулууларын тул кылгын,
Султандарын кул кылгын,
Акылга дыйкан карысын,
Талкалап кыр баарысын!
Кереге, уугун кыйратып,
Келин, кызын ыйлатып,
Олжого ал карысын,
Ойрон кылгын баарысын.
Өкүмдөрүн, шерлерин,
Өксөтүп тала элдерин.
Сураса бербес тулпар ат
Суук укурук салгыла,
Көйкөлүп жаткан Таласка
Көрүнөө кордук салгыла,
Бегине бейпай салгыла,
Бейли кара бул журтту
Бет алып талап алгыла,
Калың элим, муну ойлоп,
Кан эшиги кыямат
Байкап айтар кеп керек,
Эр эшиги сом темир
Эритүүгө эп керек,
Буйрук кылдым билип ал,
Калың кара жедигер,
Менин капалантпай тилими ал!»
Деп, ошентип, Канчоро,
Тузу арам ал чоро,

www.bizdin.kg



Туура балаа бу чоро,
Тууганын сойгон куу чоро,
Өзөнчөнү майлаган
Өжөрү кармай келгенде
Өз агасын жайлаган.
Жакшычылык, эрчилик
Канчородо калбаган.
Канчоро өзү улук кул
Арам көңүл, түрс кыял –
Адамзатка келген уул.
Өзөлөнүп келгенде
Өз жакынын жай кылган,
Өлөрман тууган баатырдын
Өз энесин күң кылган.
Кызыталак жакырдын
Чын бузулган көргөн түш,
Кылымда болбойт ушул иш,
Опсуз сулуу Айчүрөк
Азапка артык салууга,
Мелтиреген сулууну
Олжо кылып алууга,
Жедигерди сүрөптүр.
Канкор көзү жоголсо,
Желиккенде чочкого
Жедигер журту күлүптүр,
Асты калың кара жер
Айкырганда Чорого
Калыңынан түтүптүр.
Желпингенде ал Чоро
Жер менен суунун ээсиндей,
Барсылдаса бадырек
Жердин-суунун ээсиндей,
Чамынышы чабылгыр
Желпиништин дөөсүндөй,
Барсылдаса кутургур
Ааламдан ашкан балбандай,
Сөлөкөтү-сөлбөтү
Эл бийлеген зарлардай,
Кайсаңдаса кутургур
Журт бузуучу адамдай,
Көлпөңдөшүн карасаң
Илгерки Көзкамандай.
Калың элдин кыйласын
Каарын салып бакырып,
Канкор шерден үлгү алып,
Кандим болгон кутургур
Калың элдин баарысын
Калбай кел деп чакырып,
Караса көңүл бөлүнүп,
Арбак конгон кутургур
Аласкар тоодой көрүнүп,
Оозунан чыккан көк жалын
Октос берип төгүлүп,
Элин талап алууга,
Эмгекке журтун салууга,
Семетей атын өчүрүп
Өзү султан болуп калууга
Эки тизгин, бир чылбыр
Эптеп колго алууда.
Бузукка тууган Канчоро
Айласы кетсе Таласка
Султан болуп калууда.
Жорго тапан Канчоро
Мунун кашка экени дагы чын,
Жорго тапан эң жуукуй
Жоругу жандан Чоронун
Башка экени дагы чын,
Арам кыял ал Чоро,
Айкырык салып Канчоро,
Калың кара жедигер
Акыл сөзгө кирбесең,
Амызыңы билбесең
Антсеңер бокту жедиңер,
Эки-экиден былчылдап,
Жана эмне дедиңер?
Акундун кызы Чүрөктүн,
Бул ашкере сулуу дүмөктүн,
Бул кереметтүү катындын,

www.bizdin.kg



Бу келишимдүү капырдын,
Бу кара жерге кан тамса,
Бул кардан аппак капырдын
Бул ашкере сулуу, өзү шок,
Айылда мындай мура жок.
Бу бели тутам, бети айдай
Белгилүү сулуу шуркуя ай,
Мунун амалы толук, заары күч
Акылга дыйкан чүрөктүн,
Бул акылга дыйкан дүмөктүн,
Жүргөнүн жума күн билген,
Учканын күүгүм түн билген,
Ар маңдайын сыдырган,
Ай-ааламдын баарысын,
Учуп жүрүп кыдырган,
Кыялап ашпас бел калбай,
Кыдырып көрбөс эр калбай,
Кыйланы көргөн чүрөктүр,
Чүрөк эмес, жөн эле
Журт бузугу дүмөктүр,
Кыялы тентек катын ал,
Кылымды учуп тааныган
Кылтылдаган капыр ал,
Сырттап учпас бели жок,
Сырты кара бейбактын
Тааныбай турган эри жок.
Атаңдын көрү, эр Кыяз,
Акылы жок жер Кыяз,
Ургаачынын узу эле
Дүмөктүү катын Айчүрөк
Кан Акундун кызы эле,
Жергеси эле сөзүмдүн,
Жеңең эле өзүңдүн,
Ары жок Кыяз экенсиң.
Эрдигиң бар, эсиң жок
Эңгир-деңгир Кыязсың,
Акыр-такыр кыргынды,
Салбайсыңбы сен Кыяз?
Айчүрөктү олжого
Албайсыңбы сен Кыяз?
Береки, артык катын Айчүрөк
Ары чети катының,
Чын талашсаң жесириң,
Чымыркансаң өз зайбың,
Оржоңдогон ойронду,
Бузулттуң көкжал коргонду,
Эрендирсиң, шердирсиң,
Эселек Кыяз экенсиң,
Сулууну алчу сендирсиң,
Ойлонуп сал дүмөктү,
Таласка көргөз билекти,
Тартууга алып катынды,
Ушул сулуу катын чүрөктү,
Кыялы бөлөк капырды,
Кылтылдаган катынды,
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган кара көз,
Ойлонсоң болбойт мындай сөз,
Ээ, Кудай алган эр Кыяз,
Айчүрөк алчу ушу кез.
Айчүрөк алып олжолоп,
Кайтпайсыңбы сен Кыяз?
Чоң тамаша, үлкөн той
Батпайсыңбы сен Кыяз?
Дидарлашып сүйлөшүп,
Жеңеке, бизге жүр дешип,
Айчүрөк капырды,
Олжо кылып катынды,
Адам таппас ой кылып,
Аянбастан той кылып,
Малдан ачып баарды,
Кызыгы болсун ушундай
Кыдыртып кыйла шаарды,
Алпарып журтка бет кылып,
Ала-Тоодой эт кылып,
Ала-Көлдөй чык кылып,
Астыңкы жолду чаңдатып
Көз көргөндү таңдантып,

www.bizdin.kg



Көп тамаша, чоң оюн
Салсаң боло, сен Кыяз!
Бу көрүнөө капыр Чүрөктү
Ай касаба туу кылып,
Калк кубанган чуу кылып,
Көргөн журтка дуу кылып,
Дүмөк салган чүрөк деп,
Токтотуп жанды бүлүнтүп,
Уккан жанды сүйүнтүп,
Кылтылдаган капырдын
Кыялы бөлөк катындын,
Төрт-түлүк малың зарып кыл,
Тоюна токсон соё көр
Кыяздын зайбы Чүрөк деп,
Атын мындай коё көр!
Айтканым ушул билип ал,
Аңгир-көөдөн эр элең,
Улугум Кыяз тилимди ал,
Мүшкүл да бар, каран бар,
Учуктуу сөзүм билип ал,
Артык болсоң, кан болсоң
Улугуң Толтой, билип ал,
Кызыл көйнөк, тасма бел
Кылтылдаган катын ал!
Кыжырына кабылсаң
Кылым журтту буй кылган
Кылым тентек капырды
Күтүп алсаң Чүрөктүр,
Күтө албасаң бу жолу
Күм түшүрчү дүмөктүр,
Каалап алсаң катындыр,
Каадасынан тайысаң
Кара жолтой капырдыр
Айтканым ушул, билип ал,
Ай, баатыр Кыяз, тилимди ал,
Аңгыл-деңгил кан элең,
Эрдигиң калың, эсиң жок
Алакөөдөк жан элең,
Уламадан уладым,
Билгичтерден сурадым,
Сүйлөгөн сөздө чала бар,
Айчүрөктүн ичинде
Төрт ай, беш ай болобу –
Канкордон калган бала бар.
Толготкондо Чүрөккө,
Кара тажаал дүмөккө,
Токсон мастан, кырк кемпир
Толук жыйып ала көр,
Дуба билчи такырдан,
Жада билчи капырдан
Мурунтан дүмөк сала көр.
Төрөгөндө Чүрөктүн
Дуба ичирип, мас кылып,
Баласын уурдап ала көр.
Бир адамга билгизбей,
Бир кишиге көргөзбөй,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгунча
А Чүрөктүн долунун
Баласын уурдап ала көр,
Кырк аркан бою зынданга
Эркек болсо баласы
Эптеп уурдап ала көр,
Тындым кылып сала көр.
Эркек болбой кыз болсо,
Катыным бала тапты деп,
Тоюна токсон соёсуң,
Өз билген атың коерсуң,
Саамай чачын керерсиң,
Ырас жакшы болду деп,
Ыйлабас жерге берерсиң,
Эгерде эркек уул болсо,
Буурусунуңду бурдурбайт.
Тирүү койсоң окустан,
Аман калса кокустан,
Жети-Өзөндө жедигер
Жерге кирдиң эр Кыяз,
Кырылып бокту жедиңер,

www.bizdin.kg



Он экиге келгенде
Адырың жойлоп чаң кылат,
Алышканың жай кылат,
Кудуруң басып чаң кылат,
Курдөлүү журтуң даң кылат,
Күчтүүсүнбө сен Кыяз,
Күрөшсөң башың кан кылат!
Кабаттап казат оруңду,
Кайнатат минтип шоруңду,
Көргөзөт сенин көзүңө
Киши кылбас сонунду.
Айза алып колго кырдашат
Атамды таап бергин деп,
Жеке Кыяз сени эмес,
Жер жүзү менен чырдашат.
Чапчыша кетсе окустан,
Эркек тууса кокустан
Калың казат оруңду,
Каптасаң кырар колуңду,
Көргөзөт сенин көзүңө
Адам көргүс сонунду.
Айтканым ушул, билип ал,
Абайлап Кыяз, тилимди ал!
Мунун түп атасы түгөл кан
Түбүнөн Кыдыр даарыган
Башкы атасы баары кан
Балакеттин тукуму,
Башынан Кыдыр даарыган,
Атасынан бабасы,
Артында калып баласы,
Жетим жүрүп жетилип,
Жерге эптеп кошулат,
Жеткилеңин карачы,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп, олжо алган,
Оорчун журтка чыр салган,
Ойрондугун карачы.
Он үчкө жашы келгенде
Зулпукор сууруп ойногон,
Сумсайган адам жоголгон,
Белсенип чыгып оңолгон,
Бу дүмөктүүнүн тукуму
Беттешкен адам жоголгон,
Эрен азар салбаган,
Беттеш адам калбаган,
Тукуму мындай капырды
Кирпиги жалын көзү чок,
Кишиден мындай балаа жок,
Кабагы бийик көзү тик,
Катылсаң жаман сөзү тик.
Алдында жүрөр сур жолборс,
Ааламда мындай эр болбос,
Шектүү тууган баласы –
Баласы душман болорун,
Баласы жүрүп чоңойсо
Баарыбызды соёрун,
Артык душман болорун
Кеменгер Кыяз тилимди ал,
Сыягы бөлөк түнүндө
Душман бир бизге зилинде
Ал эл эмес бала түбүндө.
Төрөлгөндө баланын
Окустан эркек уул болсо,
Сыртынан сакчы сала көр!
Эптеп уурдап ала көр,
Эсебин мыктап таба көр,
Эрим Кыяз, ойлонуп,
Көп айтам тилим ала көр,
Туугуча бөлгүн санааны
Эркек тууса бу Чүрөк
Эптеп жогот баласын.
Баланын жайы ушундай
Баатыр Кыяз, угуп ал,
Какшап турдум билип ал!
Ээ, кайраным Кыяз, тилимди ал,
Кыз болсо аман коюуга,
Эркек болсо баласын
Эбин таап эптеп союуга,

www.bizdin.kg



Улуу ускалуу кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Өлө турган ант кылып,
Өлүп кетер бу жалап
Ак чатырдай боз бээни
Адырдан кармап алышып,
Антка кармап ал бээни
Эл ичинде чалышып,
Бээден акса кара кан
Кош колдоп канды малышып,
Убаданы шерт кылып,
Аянган мындай болсун деп,
Ак болот мизин жалашып,
Ак буудай данын чайнашып,
Канчоро менен эр Кыяз,
Кол алышып баатыр деп,
Аны кылбас кишинин
Жети атасы капыр деп,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Баатыр Кыяз кеп баштап,
Достум элең Канчором
Карындагы баланын
Камчылап башын алайын,
Төрөлгөндө баланы
Тындым кылып салайын!
Акылман каным, Канчором,
Сенин тилиң алайын!
Алтымыш танап сексен сөз
Арам акыл, бүкмө акыл,
Ойлоп-ойлоп алайын.
Төрөлгөндө баласын
Ымыркай кезде соёюн.
Каканакта баланы
Ургаачы болбой эр болсо,
Тындым кыла коеюн.
Сүйлөдүң кан, мен уктум.
Астын өзүң сөздөдүң
Акылманым, Канчором,
Арт жагын өзүң көздөдүң,
Айлана тууган эреним,
Алты жылдык азапты
Азыр бейлеп көрүүчү
Көзүң ачык эреним,
Карап турган Канчором,
Каргылуу кара белимсиң,
Кабылан тууган шеримсиң!
Өчкөн отту тамызган,
Өлгөн жанды тиргизген,
Акылга дыйкан эреним,
Айла тапкыч береним».
Деп, ошентип эр Кыяз
Канчорого ант кылып,
Ант учуна чыкты эле,
Каарланып Канчоро
Кеп ушундай болгон соң,
Кеп ордуна конгон соң,
Сөз ушундай болгон соң,
Сөз ордуна конгон соң
Журт чуу туруп, макул деп,
Калың кара жедигер
Калбай жактап турган соң
Айткан сөзүн Чоронун
Калың эл макул кылган соң,
Кудай бетин көргөзбө,
Канчоро жайы ушундай:
Кайран көзүн кан чалып,
Кандуу жүзүн өрт чалып,
Ок өтпөстөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Бозала желек туу алып,
Борумун көрсөң чоронун
Ал аскар тоодой куралып,
Эки бети чоронун
Эки даңгыт тойгондой,
Катылганды Канчоро
Катылышса сойгондой,
Каарланса кыргызды
Жөн эле кырып койгондой,

www.bizdin.kg



Ошо кезде Канчоро
Казандай кара бөркү бар,
Кыргыз турмак кылымды
Кырып иер эрки бар,
Толкуп өтсө чорого
Тоо туруштук бере алгыс,
Тобу менен көп кыргыз
Бу Чорону жеңе алгыс.
Чамынышы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой,
Камынганы камандай,
Тилден калып калың журт
Тим эле жандан түңүлдү,
Алапайын таба албай,
Журт чуркурап, маң болуп,
Калың журтка бир мүшкүл –
Айбаты тоодой заары күч
Айкырган Чоро кез болуп.
Кеп сүйлөбөй, кеп айтпай
Калың эл турду эз болуп,
Бороондой сүйлөп, кеп баштап,
Калың журтту жеп таштап,
Жылгынды, Кең-Кол коо болуп,
Өзүнөн чыкты Канчоро
Аргын менен кыргызга,
Кытайдан жаман жоо болуп,
Өксөп ыйлап кайран журт
Өзөлөнүп кайгырып,
Канкорунан айрылып.
«Кандай заман болду» – деп,
Калың эл турду жарланып,
Канчоро кандын каарына
Кан-калайык таң калып,
Канчоро каар баштады,
Малы тургай жанынан
Муну көргөн калайык
Такыр кечип таштады.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Олунтуп жоого кирчүдөй.
Минген аттын куйругун
Кыя бөлүп, чарт түйүп,
Тулпар оозун бурду эле
Касаба колдо көрүнүп,
Көрүп турган калктын
Көөнү жаман бөлүнүп,
Көкжалдын катуу балдары
Кандай заман, кандай күн,
Көрөр экен кандай түн?
Журт чуркурап, эл кейип,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап,
Баатырсынган эр ыйлап,
Байкасаң кара жер ыйлап,
Аргын, кыргыз кайран журт
Аралап чуулап турду эле.
Калык минтип турганда
Канчоро кан канетет,
Зың-зың этип кенебей,
Калайык чуулап турганын
Бучкагына теңебей,
Кашатча топо кара кыр
Бел ордуна көрбөдү,
Калайык чуулап турганын
Чөп ордуна көрбөдү.
Бил териси добулбас
Добулдасты урду эле,
Жети-Өзөндө жедигер
Желпинип турган калың кол
Баарын күүлөп турду эле,
Атаңдын көрү, жедигер
Канчоро кандын кебине,
Калың журт киргин эбине.
Кара-Буура, Чаткалда
Караан калган көп жылкы
Кайкалап мында жаткандыр,
Кутпа жагы жылкынын
Жорго-Күйүк белинде,
Тескей жагы жылкынын

www.bizdin.kg



Бет алганы Бек-Жайлоо,
Белес жагы Кан-Жайлоо,
Кан-Жайлактын белинде,
Быяк жагы жылкынын
Үч-Кошой, Кең-Шор четинде,
Бүлүнтүп бүлүк салгыла,
Бул канкордун сан жылкы
Сапыра талап алгыла.
Жети-Өзөндө жедигер
Жеткилендин баарысы,
Жети миңден жылкы айдап,
Жете албаган чабалың
Жети жүздөн жылкы айдап,
Жете албаган чабалың
Жети жүздөн жылкы айдап,
Олжо кылып салыңар.
Он эки түмөн калың мал
Ушинтип талап алыңар,
Бар кырсыгың жоголуп,
Калың кара жедигер
Кампайып жатып калыңар.
Кыялды күүлөп чечиңер,
Кырсыкты минтип кечиңер,
Бар дүйнөсүн алыңар,
Байып жатып калыңар.
Тоодо жылкы тогуз сан
Тобурчак буудан аралаш,
Олжо кылып кирсеңер,
Бир кубансын кайран баш,
Адырда жылкы алабаш,
Ичинде аргымак буудан аралаш,
Алып талап алгыла
Бир кубансын кайран баш
Сураса бербес бууданга
Суук укурук салгыла.
Жалынса бербес сан кара
Жан-жабылта тийгиле,
Буудан атка чалма уруп,
Бул кызыкка киргиле,

Куугандынын Куу-Тезде,
Кур аты жатат бу кезде
Каадалуу малды көргүлө
Канкордон калган сан жылкы
Камчыга ченеп бөлгүлө,
Көп казына, түмөн мүлк
Койбой талап калгыла,
Канчоронун аркасы мынча
тийди деп,
Жер-жериңе жедигер,
Желигип айтып баргыла.
Бул канкордун казына
Каалгасы болот сарайга,
Чынарга сайган багына,
Чын канкордун тагына,
Кайнардын кара көзүнө,
Как чынардын өзүнө,
Капкасы алтын ордого,
Калың кара жедигер,
Жан аябай жабылып,
Аламан чабуул салгыла!
Жамгыр кылып жаадырып,
Мөндүр кылып ок атып,
Эренин союп сулатып,
Элинин баарын чуулатып,
Кандарын союп сулатып,
Калганын баарын кыйратып,
Кара элечек кылгыла,
Калтырбай бүткүл кыргыла,
Бегине бейпай салгыла,
Бет алып талап алгыла,
Төбөңөн тийген канкордун
Төбөсүнөн бастык деп,
Төрт түлүгүн чачтык деп,
Төрөсүн союп жоготуп,
Тополоңду салдык деп,
Кармаштын жайы ушундай.
Калган эрин кыйратып,
Катынын тартып алдык деп,

www.bizdin.kg



Жети-Өзөндө жедигер
Бир мактанып калгыла,
Төрөлгөн соң жедигер
Төрүнө кудук казгыла,
Төрт түлүгүн чачкыла,
Калың кара жедигер,
Кара бел болуп көчүңдү ал,
Кан абаң эле Толтойдун
Ушинтип журтум, өчүн ал!
Кыйынсынган карысын,
Кырып ийгин баарысын.
Кыжылдаган жедигер,
Сүйлөдүм мындай билип ал.
Канчоро каның айтканын
Калбай калкым, тилими ал,
Бу кызыталак канкордун,
Кылымды бузган анткордун,
Кыйласын кырып, олжоңду ал!
Чынарын кесип сулатып,
Дубалын тээп кулатып,
Алтынын талап алыңар
Аябай дүмөк салыңар,
Жамгыр кылып, жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлөк ок атып,
Чын аябай күч кылып,
Түп калаасын түз кылып,
Түгөл чаап алыңар.
Калкына кыргын салгыла,
Кана турба жедигер
Өйүз-бүйүз турушкун,
Мылтык атып, жаа тартып,
Кылчылдашып урушкун.
Жаанын огу дыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлсө шыркырап,
Кемегедей бир жерди
Кесе чаап ойгула,
Кагыштан өлгөн жан болсо
Кийми менен койгула,
Кармаштын жайы ушундай
Олжого минтип тойгула,
Буласын бузуп алгыла,
Бузукту мыктап салгыла,
Кайыр кылса сакчысын
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаргыла!
Капка баккан тыңдарын
Калтырбай кырып салгыла,
Канкор кандын казына,
Калың кара жедигер
Калтырбай талап алгыла!
Асманга учсун топурак,
Аскер кайнап топурап,
Айзанын башы чабышсын,
Адамдын башы кагышсын!»
Деп, ошентип, Канчоро
Казына талап алууга,
Буйрук кылып турду эле
Аябаган чоң мүшкүл
Шумдук кылып турду эле,
Касаба желек-туу толуп,
Асман жарган чуу болуп,
Канчоро буйрук кылганда
Ордо бузуп олжо ал деп,
Одурандап кол сал деп,
Жарлык кылып Канчоро
Ата, жарыбай калган бу Чоро,
Төбө чачы сүксөйүп
Көзү өрттөнүп чын жайнап,
Каалгадай кашка тиш,
Канча жандан башка тиш,
Качырата бек чайнап,
Канчоро айгай баштады.
Өйдө болгон бир жан жок
Калың кара жедигер
Жерди чукуй баштады.
Жедигер минтип турганда
Чыкты Чоро ээлигип,

www.bizdin.kg



Кыйкырыгы таш жарды,
Өкүрүгү баш жарды,
Адам билип журт көргүс
Калың дүмөк баштады,
Калтаң уруп жедигер
Качып бере таштады,
Калың кара жедигер
Жана алышып турган кол гана
Айтышып турган ооз гана
Баатырсынган жедигер
Эми качсаң бокту жедиңер,
Кайра-кайра кылчактап,
Жана эмне дедиңер?
Эрен болсоң, шер болсоң,
Эң мыкты эл болсоң!..»
Канчоро мындай дегенде
Түп көтөрө жедигер
Түгөл жүрдү күркүрөп,
Кайратына ал колдун
Жер айрылып дүркүрөп,
Сурнай кулак тундуруп,
Агала желек-туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Эл чуркурап, кол толуп,
Эсеби жок мол болуп,
Чабуул кылуучу жедигер
Өркүн-дүркүн бөлүнүп,
Жалаңгыч түрү көрүнүп,
Железден айгыр минишип,
Жекеден бакан алышып,
Желигишип калышып,
Мыктуулары, шерлери
Кең көкүрөк, жайык төш
Келе бакан, куу союл
Келишкен экен балбаны,
Оолуккан экен жедигер
О күнү ордону талап алганы!
Билеги жоон, таш жүрөк
Ордо бузуп, олжо алып,
Салмак болуп чоң дүмөк.
Караргандан түнөрүп,
Дууга кирди жедигер!
Айгай кулак тундурган
Чууга кирди жедигер,
Айыкпай турган бир азап
Дууга кирди жедигер.
Айзасын камдай алышып,
Айбалта камдай калышып,
Үтүрөңдөп күүлөнүп,
Аттангын деп жедигер
Бири-бирине сүйлөнүп,
Баатыр Кыяз күрсүлдөп,
Күүлөп калган кези экен.
Ордосун бузуп алгын деп,
Жылкысын тийип алгын деп,
Жылма болгон Канчоро
Күүлөп калган кези экен.
Кандары жардык кылганда
Күүлөнбөй а журт турабы?
Кандын тилин албайм деп,
Калыкты Кудай урабы?
Он башчысы ороктоп,
Элүү башы кожоктоп,
Жүз башчысы жүгүрүп,
Миң башчынын баарысы
Минтип жандан түңүлүп,
Баатырлары, эрлери
Айбалта колго алышып,
Баатырсынып, шерсинип,
Жөн эле күжүрөңдөп калышып,
Жер токмоктоп дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Кең Таласка кол толуп,
Абыдан мүшкүл каран иш
Аз гана эмес, мол болуп,
Союлчаны бетинде,
Күжүрмөнү четинде,
Кылыччаны бетинде,

www.bizdin.kg



Кыйындары четинде
Айзалуусу бетинде,
Арысландары артында,
Белгилүүсү бетинде,
Берендери четинде,
Айкасаба туу болуп,
Айкайлаган чуу болуп,
Ой-тоонун баары бакырык,
Ойдогунун баарысы
Кыяздап ураан чакырып,
Адырда жылкы алты сан
Айкырык салып жедигер
Аны тийип өттү эле,
Түп көтөрө сан кара
Түбүнө чогуу жетти эле,
Тоодогу жылкы токсон сан
Ач айкырык, чуу салып
Аны тийип өттү эле,
Түп көтөрө сан кара
Түбүнө чогуу жетти эле.
Кадырлуу канкор өлдү эле
Канкорундун сан кара
Той түшүрүп жедигер
Камчыга ченеп бөлдү эле.
Сан казына түмөн мүлк
Жедигер каптап ойду эми,
Канкор кандын дүйнөгө
Жети өзөн толгон жедигер
Түгөл бойдон тойду эле,
Күчтүүсүнгөн эрени
Күрдөөлү күлүк ат алып,
Күчү жок жаман чабалы
Бороон күптү тай алып,
Таласта кыргыз, көп аргын
Таланды жаман көрдү эми,
Таластагы кыргызды
Укурук салып бөлдү эми.
Адам көрбөс сын кылып,
Артыкча мүшкүл, чыр кылып,
Жедигер каптап малды алып,
Эселек экен жедигер
Эрди өлтүрүп жанды алып,
Ой чуркурап, козголуп,
Аргын, кыргыз аралаш
Тополоңу тоз болуп,
Жайнап аткан жедигер
Жапаны жаман салды эле,
Чынкожо, Толтой күнү деп,
Жана чаап алды эле.
Жедигер кирди жан койбой,
Жалдуу күрөң тай койбой,
Куйруктуу козу эт албай,
Узун аяк мал койбой,
Урушка айла кылуучу
Союл чабар жан койбой,
Журт баштаган эр койбой,
Кайрат кылган эл койбой,
Келеңкер чачпак, кең соору
Келинден чыккан уз койбой,
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган кара көз,
Кырмызы көйнөк, айча бел
Кылтылдаган кыз койбой,
Кыйын талоо кылды эле,
Такыр койбой немесин
Талап алып турду эле,
Ошо кезде жедигер
Күркүрөшүп барбаңдап,
Чаначтай мурду дардаңдап,
Касташкан канкор өлдү деп,
Кайра келбес чын жайды
Кысталак канкор көрдү деп,
Күптүү дарт, тушоо чечилип,
Бизге Кудай берди деп,
Эми бизге кел-кел келди деп,
Казына бузуп алыптыр,
Олжого опсуз каныптыр,
Бүтүн кундуз терисин

www.bizdin.kg



Жара тилип жиберип,
Багалекке салыптыр.
Канкор кандын казына
Тегиз тоюп жедигер
Кутуруп жатып калыптыр.
Ургаачыдан узду алып,
Келинден тандап кызды алып,
Кызыл куйрук ишти алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Аким болгон Канчоро
Канды Кудай урду эле,
Таластагы кыргызга
Такыр каптап жедигер
Кан талоосун кылды эле.
Таза кылып кыргызды
Талап алып турду эле,
Олжо кылып малды алып,
Опсуз кирип жанды алып,
Сары адырмак белди алып,
Саргартып талап элди алып,
Бо куруп калган кыргыздын
Адырдан тийип бээсин
Чыгарып кетти кээсин,
Чыгара муштап салыптыр
Бээсине барса ээси, мээсин.
Чын кыргын кылып жедигер
Чырын салып минтиптир,
Элкин жаткан кайран журт
Бу бокчосун тинтиптир,
Төргө кудук казыптыр,
Төбөдөн таптап басыптыр,
Өкүмдөрдү кырыптыр,
Өрт өчкөндөй кылыптыр,
Мына ошондо жедигер
Тобурчак буудан аталып,
Толгон экен кенебей,
Жети-Өзөндө жедигер
Желигип баары аттанып,
Акылмандуу эрлерди
Айылдан басып кырды эле,
Күжүлдөгөн кыргызды
Өрт өчкөндөй кылды эле.
Качып үркүп калың журт
Карандуу мүшкүл көрдү эле,
Калың кара жедигер
Түп көтөрө дүңгүрөп,
Түбүн койбой болду эле,
Өрт өчкөндөй кылды эле,
Башка мүшкүл салды эми,
Толтой турмак Багыштын
Кошултуп өчүн алды эле.
Ал аңгыча болгон жок,
Тегереги чынар бак,
Ортосунда алтын так
Канкор өлсө Күлчоро
Баян болуп калбады,
Байланган экен биздин бак,
Казылган экен калың ор,
Байланган экен эки кол,
Жайылган экен темир тор,
Кайнаган экен калың шор,
Таалай качып, бел сынып,
Кайрат качып, дем сынып,
Карааанды мүшкүл бизди уруп,
Семетей өлбөй, калк өлүп,
Калың кыргыз жалпы өлүп,
Кадимки жыргал салт өлүп,
Кең дүнүйө тар болуп,
Талаанды көрүп кар болуп,
Кымыз ичпес кайран баш
Кыйгыл сууга зар болуп,
Арак ичпес кайран баш
Ачкыл сууга зар болуп,
Аласкар шерден айрылып,
Таласта кыргыз көп аргын
Өксөп кара калык ыйлап,
Өңгөчө журт жалпы ыйлап,
Касап көрүп турганда

www.bizdin.kg



Катын чуулап, калык ыйлап,
Калың эл турду буй болуп,
Мурундан чойсо басууч у
Калың журт минтип турду эле
Айбанга чалыш уй болуп.
Калың журт минтип чабылды,
«Канкорум, өлбө!» – деп ыйлайт,
Мунун абийири кайдан жабылды.
Боору түшүп аргын журт
Боздоп турса кабылбайт,
Кейип-боздоп турса да
Баатыр көкжал табылбайт.
Муну мындай таштайлы,
Бу дүмөктөн баштайлы
Адамга болбойт бу зордук,
Ааламда болбойт бу кордук,
Бо, кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө Манастын сайган багында,
Барт-Көлдүн маңдай оюнда,
Үч-Кошойдун боюнда,
Дарбазалуу коргондо,
Айчүрөктүн ак сарай,
Бекемдиги момундай,
Таштан жыйып тоо кылган,
Айланасын зоо кылган,
Айза сайса мадаган,
Алалбай душман жадаган,
А сарайдын оозунда
Ар кызыгын караңар,
Алты сай жерден от тарткан
Сымбаты бөлөк бейтаалай
Сыйкыр менен койдурган,
Момундай ишин караңар.
Алтымыш окшош кара нар
Каардуу душман жетпеген,
Мындан кармашкан тирүү кетпеген,
Андан ары басканда
Жолборсу бар он бөш төлдөгөн,
Жосуну мындай сарайга
Жолоп адам келбеген,
Бо жолоп душман жеңбеген,
Кабарын уккан таң калган,
Бо, көргөн адам сандалган,
Белгилүү жерде ак сарай
Бейбак буюруп салдырган,
Бекемдиги ушундай.
Темир менен чырмаган,
Күмүш менен кындаган,
Алтын менен сырдаган,
Эки киши унчукса,
Жөн эле, өзүнөн-өзү ырдаган.
Айланасы шер коргон
Болот эшик капкасы,
Ошо капкадагы бакмачы,
Үйдөй чокмор колго алып,
Кынжылалуу балбаны
Балбандын бирөө бошонсо,
Адамдын чыгат далдалы,
Бөлөк жан көрсө камынган
Желдеттери жетимиш,
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган,
Алыстан көрсөң адамга
Ак буурадай чамынган,
Алыш кылчу душманга
Алыстан мурун камынган,
Белгилүү жерде ак сарай
Бекемдиги момундай,
Бет алып адам келбеген,
Бу түгөнгөн канкор барында
Түрүн көргөн шашууч у
Жанына жакын жоо келбей,
Жанынан жаман түңүлүп,
Бо, жакындабай качууч у,
Ошо капкасы болот ордого
Катынды талап алууга,

www.bizdin.kg



Сан дүйнөнүн баарысын
Талап жатып калууга.
Баягы Каныкей баштап,
Айчүрөк кайра шорго салууга,
Кыргын кылып далайды
Канчоро, Кыяз баш болуп,
Эми каптап кирди сарайды.
Бузулган окшойт көргөн түш,
Мурунтан барбы мындай иш?
Кабылан тууган айкөлдүн
Атасынын бабасы
Бу өңдөнгөн мүшкүлдү
Көргөн эмес карачы
Сарайдын каптал жагын Канчоро
Каптап айза сунду эле,
Кутпа жагын эр Кыяз
Камап келип турду эле.
Жан-жандын баары бакырык,
Жалаң кара жедигер
«Канчоро, Кыяз» деп бакырып,
Камап кирди сарайды.
Бо байкуш катын Айчүрөк
Жесирдиги сында жок,
Бо жети кан кара жоо келсе,
Желбегей кирип кол салып,
Айгайды калың салуучу,
Ажыратып алуучу,
Жетик Күлчоро мында жок,
Бел байлаган бели жок,
Бекип аткан жери жок.
Белгилүү айкөл шери жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок!
Казатка кармап минүүчү,
Кара буурул тайкы жал
Баягы кадырлаган буудан жок,
Ээрчитип жүрүп эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган,
Баягы какшаал Канчоро өңдүү
тууган жок.
Капка темир ордодон
Жедигер чуулап жүгүрөт,
Баягы шер томпойгон Канчоро
Душмандык түрү көрүнөт,
Көрүнүп калган себеби:
Жамгырдай кылып жаа тартат,
Какшаал мөндүрдөй кылып ок атат,
Ошондо жамгырды көр, окту көр,
Ак сарайдын ичине,
Жайнай тийген окту көр,
Мунарып күйгөн чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр!
Бузулбай каптап чуркурап,
Каптап кирген топту көр,
Айчүрөктүн мунара,
Мунара жайын сураба.
Өң бузулуп ич күйүп,
Өрөпкүп жеңең тура албай,
Өлөйүн деп өлө албай,
Чиркин, өз жанын өзү кыя албай!
Өпкөлөп ыйлап Айчүрөк
Кара көзүм кашайтып,
Капырай канымды Кудай урган го,
Менин каралды кайним Күлчоро
Карaанды Кудай урган го.
Кечээ койгун десем, тил албай
Кайратты мыктап кылганда
Болорун айтсам, тил албай
Мен шордууну
Камчылап сабап урганда,
Катындыгы курусун,
Чыркырап каргап турганда,
Каргышым ката болдубу?
Айтканым анык келгенби?
Мени артыкча Кудай урганбы?
Каргышым суга болсун деп,
Кара суга түкүрдүм,

www.bizdin.kg



Каргышымдын каарынан
Кара суу соолуп өттү эле,
Каргышым ката болсун деп,
Кара ташка түкүрдүм,
Кара таш чыдап тура албай
Как жарылып кетти эле.
Каргышым камчы келген бейм,
Кабылан султан өлгөн бейм,
Ашкере Кудай урган бейм,
Айкөлүм төрөм өлгөн бейм,
Душман каптап келген бейм!»
Шордуу катын Айчүрөк
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип,
«Канкорум!» – деп чыркырап,
Кан төрөлөп буркурап,
Султандан кантип калам деп,
Сулуу долу чыркырап,
Кан төрөлөп какшанып,
Боздоп турду Айчүрөк.
Жоо камоосун көргөн соң
Тарак тийбей кара чач
Тал талынан жулуптур,
Олоң тийбес кара чач
Омуроодон булуптур,
Тийген айдай ак бетти
Катындыгы курусун
Орто-ортодон жырыптыр.
Олоңдой чачы суюлуп,
Эки беттен аккан кан
Омуроо ылдый куюлуп,
Бо каралуу болгон катынга
Каптап душман жулунуп
Кынама көйнөк, чып бешмант
Канжыгадай бөлүнүп,
Тал жибектей кайран чач
Тал-талынан суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Агарган жүзүн кан басып,
Кара көздү кал басып,
Муундун баары быркырап,
Муңданып ыйлап чыркырап,
Он омуртка, сексен сөөк
Кат катынан бөлүнүп,
Балаалуу капа, чоң мүшкүл
Капырай байкасаң көзгө көрүнүп,
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Дүйнөдөн көк жал жок болуп,
Калгандыгы көрүнөт,
Калың курчап жедигер
Алгандыгы көрүнөт.
Калк кандайын каалаcа,
Кара бет жеңең караса,
Боз ала желек туу болгон,
Бой-бойлогон чуу болгон,
Агала мунар туу болуп,
Ач айкырык чуу болуп,
Кымбаттуу ак сарайды
Кырк эки курчап эл жайнап,
Кыла турган айла жок
Калган экен шор кайнап,
Баатырлары, шерлери
Ач айкырык куу сүрөөн,
Салган экен жедигер.
Өйдө-төмөн карабай,
Ордону камап келгенде
Өлөмүн деп санабай,
Тегерете карабай,
Кызыкты көргөн жедигер
Деле жанын аябай,
Айзалары короктоп,
Кылычтары жаркылдап,
Касабасы калкылдап,

www.bizdin.kg



Эрдин баары желигип,
Жаа тартуучу мыктуусу,
Союл чапчу ыктуусу,
Бил мүчөлүү эрени,
Топ бузуучу берени,
Бука моюн, буура сан
Булкушса жанды кууратkан,
Ажалдан кийин тартпаган,
Каштан кайра качпаган,
Жоон өпкө күрсүлдөк
Жортолмону бетинде,
Жолукса чайнап ийүүчү,
Кажыбай жоого тийүүчү,
Өлдүм, койдум дебестен
Бет алып жоого кирүүчү
Кайрандары бетинде,
Каптап кирди жедигер
Кайраттуусу четинде.
Ак сарайда бедел жок,
Жедигердин колунда
Немине бар, нелер жок,
Кылыч тийсе кыңкайбас
Кыйындары четинде.
Айза тийсе а дебес
Жолумдуусу артында.
Кызыл өрткө бет алып,
Кыйкырып айза сунушкан.
Маңдай-тескей турушуп,
Былчылдашып урушуп,
Даңгылдары дагы бар
Айт десе каптап кетүүчү,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Күркүрөп каптап кетүүчү,
Күчөсө түпкө жетүүчү,
Карааңды катуу салуучу,
Бет алганды буй кылып,
Калтырбай талап алуучу,
Белгилүүсү бетинде,
Ичсе канга тойбогон,
Беттешсе жанды койбогон,
Кайраты мол, заары күч,
Катылса жанды кылчу түз,
Кең көкүрөк, жайык төш
Келберсиген эри көп,
Чогоол мылтык, чорт этсе
Чочуп качкан деги көп.
Караан болуп камалган
Мен да адам уулу деп,
Санатка кирип, мал алган
Чорkокtору дагы көп.
Тилдүү туруп тил билбес,
Айдаган жакка тим жүрбөс,
Торпоктору дагы бар,
Түндө эшикке чыкпаган
Коркоктору дагы бар.
Жер айрылган түмөн кол
Карасаң мүшкүл иш кылып,
Кары кемпир, жаш келин
Ордодогу буларга
Каптап кирди күч кылып,
Чапчыша турган чама жок,
Алыша турган айла жок,
Алышаарга дарман жок,
Асмандан Алданын күнү бүркөлүп,
Жесир-жетим, арыкка,
Кордукта кылган карыпка,
Алтымыш мүшкүл бир келип,
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Жедигер курчап ток болуп,
Кең Таласты жердеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Кайран кыргыз жок болуп,
Каптап кирди жедигер.
Кайран жанды аябай
Жетим-жесир экен деп,
Жетесиз бу журт карабай.

www.bizdin.kg



Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Жазайыл огу шыркырап,
Жаанын огу чуркурап,
Келтенин огу кызарып,
Келип тийди сарайга
Мөндүрдөй ок бөлүнүп,
Жазайыл огу көрүнүп,
Жедигер курчап келгенде
Кары кемпир, жаш катын
Кайрат кылар чама жок,
Канынан эркек бала жок,
Бел байлаган бели жок,
Медер кылган эли жок,
Кара кылар токой жок,
Качып кирер эли жок,
Мендесин Кудай кууратса
Жаралат экен дүйнө бок.
Боло тешик капкасы,
Капкадагы бакмачы,
Өлбөгөндөн калышкан,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып салышкан,
Кара кан суудай агышып,
Капка тозуп салышып,
Капкачы байкуш канетет,
Чегинишип турушкан,
Челишпестен турушкан,
Болжолунан жадашып,
Уңгусу болот учу курч
Кара кылдан тактырган,
Кынсыз болот курч берип,
Капканы канкор бактырган.
Капка жаткан булайып,
Боору эзилип жедигер
Капкага жакын барганы,
Өлүп жаткан тырайып
Кандим болгон сакчылар,
Капканы каалап бакчуулар,
Кызыл болот айза алып,
Ар тешикте бет алып,
Айбалта айза көтөрүп,
Туштап аткан кези экен.
Камап келсе жедигер
Туш келгенин колтукка
Муштап жаткан кези экен,
Калың кара жедигер
Кайрат кылып капканы,
Атпай үркүп турду эле
Балбандарга, эрлерге
Капкасы мыктуу шер коргон,
Каптай албай капканы
Ал жедигер тун болгон.
Кароолчу, сакчы күүлөнүп,
Каптай албай ордого
Калың кара жедигер
Качуучудай түрдөнүп,
Капкадан эрин сайдырып,
Капысынан алдырып,
Жедигер жүрөт кайгырып,
Кайран немем өлдү деп,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран баатыр көрдү деп,
Эл бөлүнүп бириндеп,
Калың кара жедигер
Топтоп алган кези экен,
Эсил кайран бир боорум
Баланча жерде өлдү деп,
Жоктоп алган кези экен,
Жедигердин эр Кыяз
Каптап журтун кеткин деп,
Добулбасты урду эле,
Качуучудай журт токтоп,
Эл бөлүнүп турду эле.
Кылчактап кайта турганы
Жайнап чыгып келатат.
Түгүн калбай дүркүрөп,
Түрүң курган жедигер

www.bizdin.kg



Түп көтөрө барыңар,
Жашың менен карыңар,
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жалпы кара жедигер
Жабыла чабуул салыңар,
Жаман катын, жаш бала
Каптап талап алыңар.
Ордо бузуп, олжо алып
Ойкуштаган сулуу алып,
Ушинтип кагыш салгыла.
Калың кара жедигер
Ар качандан, бир качан
Айдоо менен күн көрдүң
Капкачы менен катындан
Кайра тартып минтесиң
Кечээки жоголгон көкжал табылып,
Семетей келсе кантесиң?
Катынга калган мал-башты
Бөлсөң боло жедигер,
Капкачыдан качкыча
Өлүм болуп жаткыча
Өлсөң боло жедигер,
Кайраттуусу Канчоро
Каарланып жиберип,
Дүмөктү түптүз баштады,
Кыйкырык салып чамынып,
Жедигерди кырып ие таштады.
Капканы бузбай кайткыча,
Катындан коркуп тургуча
Катындан төмөн жедигер
Капкачыдан качкыча
Кыяз баштап каның өл,
Калың кара жадыгер
Кажылдайсың баарың өл,
Эселек кара жедигер
Баатыр сендей болобу?
Баары коркок жаман журт
Сени коркок деген оңобу?
Ушу мен болбосом жедигер
Жети-Өзөн элкин жериңди
Жеке кирип Күлчоро
Кырат эле элиңди,
Суутат эле demиңди,
Сындырат эле белиңди,
Соет эле талкалап
Сен кан Кыяз шериңди.
Каарды катуу баштады
Ач айкырык, куу сүрөөн
Алабаптап чыр кылып,
Калың кара жедигер
Кырып ие таштады.
Буруп-буруп сүйлөдү,
Бузуку тууган Канчоро
Эгерим эки болбогур,
Эгеринде оңбогур,
Жедигерди күүлөдү,
Түгү калбай дүркүрөп,
Түп көтөрө жедигер
Чабуул койду күркүрөп,
Айзалуусун ыктуусун
Айдап кирди Канчоро,
Жедигердин мыктуусун
Камап кирди сарайды,
Сарайга кылды далайды,
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Камгак учкан немедей,
Кудай бетин көргөзбө
Капканы камап турушту
Капка тозгон желдеттер
Жети күн тынбай урушту,
Ким көргөн мындай жумушту.
Кетери Талас тоо болуп,
Керденден чыккан өз уулу
Көп кылса, бул сөз чоң дүмөк –
Канчоро капыр жоо болуп.
Булдүргүч чыгып ичине,
Журт бузгуч болуп кишиге,

www.bizdin.kg



Ок атып сарай шаарына,
Жоо болуп канкор канына,
Бу Канчоро капырдын
Канкордун баккан баласы,
Тай-кунандай тебишип,
Талашып эмчек эмишкен.
Туугандыгын карачы,
Тууганын көргөн душманча
Бузулуп өлгөн чоронун
Бузукусун карачы
Мунаранын үстүнөн
Кайран катын Айчүрөк
Калдайга кара башында
Кандуу бети жыртылуу,
Күйүп-жанып чок болуп,
Күйгөнүнөн от болуп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Чыңырып ыйлап, чыркырап,
Чын Каныкей үстүнө
Боздоп кирди буркурап,
Айчүрөк түрүн көргөндө
Чоң энеси Чыйырды
Каралды жалгыз өлгөнүн
Ал байбиче көрдү эле,
Жалгыздан кантип калам деп,
Ичиме бычак салам деп
Ак куржундун ичинде
Алты миң нар, миң тайга
Сатып алган ак тинте,
Кармай калып сабынан
Сууруп алып кабынан
Айзага таккан желек деп,
Айкөл Манас чырактан
Атайы калган белек деп,
Чыңырып ыйлап кайгырып,
Эки уулдан катар айрылып,
Эми кантип калам деп,
Албай да койсо Кудайга
Азыр минтип барам деп,
Толтосу болот, сабы алтын
Толук болот актинте
Толгой кармап алды эле,
Эт жүрөктүн толто этке
Ак милтени малды эле,
Өзүн өзү Чыйырды
Жара тартып салды эле,
Бо, кайран катын Айчүрөк
Чоң энеси өлгөнүн
Көзү көрүп калды эле.
Санаасы сайлап бөлүнүп,
Он эки мүшкүл миң санаа
Төбөсүндө көрүнүп,
Өлөңдөн күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыккан Канчоро
Кутуруп кеткен жоо жаман.
Каптап кирип көй душман
Алтында талап алганда,
Жетим-жесир, карган жан
Казылган орго салганда,
Жалынсак иттер алар деп,
Алтын жакут, нур мекем
Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш кайра жол эмизген,
Тар курсагын кеңитип,
Таш эмчегин бошотуп,
Өнүп-өскөн энемди
Бизди талап алганда
Кагылайын энекем,
Көрүнбөй калса окустан,
Көмүүсүз калса кокустан,
Көзү көрсө Канчоро
Эмчек сүт арам, туз арам
Энемди көрүп алабы?
Кабылан тууган катын деп,
Картайгыча өлбөгөн
Калжактаган капыр деп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарабы?

www.bizdin.kg



Өлүктөн өчүн алчыдай
Бу кордукту кылабы,
Жоругу бөлөк, тузу арам
Чорону Кудай урабы?»
Деп, ошентип Айчүрөк
Кээ бир адам кеп айтат,
Бу белгилүү Чүрөктү
Беринин кызы деп айтат,
Акылга дыйкан кадыр түн
Кереметтүү жеңекем,
Канчоро кордук салган соң,
Калың кара жедигер
Сарайды курчап алган соң,
Ойлосо мүшкүл көп санаа
Ойлонуп Чүрөк бечара
Дайрага жүргөн кемемдин
Уулдан тууса шер тууган,
Алтын жатын энемдин
Көрүлбөй калса окустан,
Көмүүсүз калса кокустан,
Адамдан бөлөк эки көз
Куркулдап кузгун оёр деп,
Жаралган алтын башына
Каргалар чычып коер деп,
Муну менен энекем
Айбанат богу болор деп,
Бир адамга билгизбей,
Билимдүү катын Айчүрөк
Бир кишиге тийгизбей,
Шамдагайы болжолсуз
Шакылдаган капырдын.
Коломто четин ойду эле,
Энекеси Чыйырды
Бүктөй салып белинен
Туундурма салып койду эле,
Чыйырды энеси өлдү эле,
Айдай катын Айчүрөк
Колу менен көмдү эле.
Мына ошондо Айчүрөк
Каралуу болуп күйүнүп,
Каныкейге жүгүрүп,
Акырын айтып бек таштап,
Энеси Каныкейге кеп баштап:
«Ээ, карасурдун сулуусу,
Ургаачынын урлуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Узун чачтын ыктуусу,
Зайыпзаттын мыктуусу!
Азап менен ажалдын,
Бейиш менен тозоктун,
Бардык менен жоктуктун,
Ачтык менен токтуктун,
Кадырын билген энекем,
Кагылайын берекем!
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизген,
Калдайган башын туу кылып,
Каралуу башын эр кылып,
Бек азап менен мүшкүлдүн
Баркын көргөн энекем,
Тууган душман адамдын
Аркын көргөн энекем,
Сенин өзөндөн аккан булагың
Өлгөндө көргөн чунагың,
Караса көзгө илинбейт,
Өлгөндө көргөн жалгызың
Өлдүбү же тирүүбү
Кайда экени билинбейт?
Уламадан уласам
Билгичтерден сурасам,
Айкөлүңдүн жолдошу
Аманат жандын болжошу,
Астына салса ак жолу,
Айдан жүрсө сан колу,
Жоо жоолашса чаң бирге,
Өлүм орток жан бирге,

www.bizdin.kg



Өйдө тартса өбөгү,
Канкорумдун бөбөгү,
Казатка минсе бууданы,
Канкор шердин тууганы,
Берен атам Албамдан,
Ааламдын шери балбандан,
Белекке калган Күлчоро
Белсенип жеке салышып,
Колго түштү деп уктум,
Мөңкүп, үркүп чыга алгыс
Торго түштү деп уктум,
Канчоро менен эр Кыяз
Тирүү кармап алды дейт,
Оң далысын оюптур
Опсуз кылып союптур,
Туйгундун кейпин коюптур,
Жылкычы башы Карагул
Отунчу кылып коюптур,
Сары канды кырыптыр,
Кабылан Бакай абама
Билген чырын кылыптыр.
Карыя Бакай абамды
Малын талап тойду дейт
Кырк балбанга кутургур
Көкбөрү кылып койду дейт.
Энеке, кападардыр санааңыз,
Артык мүшкүл салды го
Эмчегиң берген балаңыз.
Энеке мен көргөндө көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?
Казып койгон ор келет,
Кайнатып койгон шор келет,
Канчалык илек кол келет,
Ак касаба чуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Калың кара жедигер
Каптап кеткен кол келет.
Берендери бетинде
Камап айдап, кыргын деп,
Эне, Канчоро уулуң көтүндө
Энеке, бузулуптур санааңыз,
Жан кашайта ок атып,
Каптап чыгып келатат,
Энеке, эмчегиң эмген балаңыз.
Балаң душман болушун
Байкап эне караңыз!
Кызыл-тазыл кырмызы
Кырын тартсам бөлүнбөйт,
Тиги эмчек сүт урган эсериң
Бизге кылчаяр түрү көрүнбөйт!
Жашыл-ала тал жибек
Жан-жанын тартсам бөлүнбөйт,
Тиги жакындап кирсе жакшы уулуң
Жан коер неме көрүнбөйт.
Эмчек сүт болду кеберче,
Элиңди чапты семирсе,
Башайың болбойт кийизче,
Эмчек сүт болбой кеберче,
Элиңди чапты семирсе,
Адырдан аккан булагың,
Эмчегиң эмген чунагың
Тел кулунуң жедиби,
Теминише келгенде
Тең тууган болом дедиби?
Кечээ, Жылгындынын оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Кара-Буура, Чаткалда,
Кайкалап кыргыз жатканда,
Ааламдын ашык Канчоро
Эмчегиң ээмп жатканда,
Ар бузук сөзүн илбепсиң,
Душмандыгын билбепсиң,
Белгилеген күбүңө
Бейли кара бу чоро
Эми жетет түбүңө.
Күл ботом жакшы көрүңүз,
Жамгырдай кылып жаа тартты,
Жазасын өзүң бериңиз,

www.bizdin.kg



Тоодогу жылкы тогуз сан
Токтотпой тийип кетиптир,
Кесиреттүү Канчороң
Кең-Колдон чабат көчүндү
Кеп кылсаң эркек бала жок
Кантип алдың өчүндү?»
Деп, ошентип, Айчүрөк
Кайран энең Каныкей
Каныкейге жаза салып.
Ошондо берен энең Каныкей
Акырын айтып, бек таштап,
Албан түрлүү кеп баштап:
«Ээ, кулунум, балам Айчүрөк,
Ал айтканың дагы чын!
Кечээ, кырк чорону кырганда,
Кылганы үчүн кырганда,
Жабыла барып жоо болуп,
Жаман жаңжал кылышып,
Жаа тартышып урушуп,
Кырк чоро кыйла жоо болуп,
Энесин Камбар алыптыр.
Атасын бүтүн унутуп,
Кара нээт капырдын
Ошо Камбар чоронун
Уулу болуп калыптыр.
Чубактан калган чунак деп,
Асылдан калган мурас деп,
Берен балам Семетей
Кечээ белек кылып алыптыр.
Бөксө менен желгенде,
Баана кылып өзүмө,
Балам алып келгенде,
Жүрөгү майлуу болсун деп,
Казыдан кесип жедирдим,
Кадиксиз тууган болсун деп,
Эмчегим сүтүн эмиздим.
Сол эмчегим Канчоро
Соруп ээмп турганда
Дене боюм быркырап,
Чымындай жаным чыркырап,
Сай-сөөгүм зыркырап,
Соргон сайын ал кеткен
Эмчектен кара кан кеткен,
Мен шордуудан ал кеткен,
Түбү душман болорун,
Кылча койбой калыкты
Бир кыргын кылып коерун,
Каалап ойлоп билгемин.
Каран түндү саларын,
Чоңойсо журтту чабарын,
Кармашып шорго маларын,
Сыр билип түпкө жетерин,
Тышы тууган, ичи арам
Ушинтип түпкө жетерин,
Эчен эбак билгемин.
Түбүндө душман экенин
Түп-түзүнөн билгемин,
Жоо болор деп жүргөмүн.
Чымындай жанды кыйнадым,
Ажыбай, Бакай каны бар,
Эл арытып журт көргөн
Эчендердин баары бар,
Олуя бар, эрен бар,
Алты айчылык келерди,
Жети айчылык кетерди,
Жеткилең көргөн даанышман,
Көзү көргөн алыстан,
Ай-аалам журт жарышса,
Жеке чыккан жарыштан,
Сүйлөгөнү жарыя,
Калык атасы карыя
Капыядан сөз тапкан
Караңгы түндө көз тапкан,
Кол баштаса таңылбас
Караңгыда карсактын
Изине салса жаңылбас.
Укма билген кары бар,
Ушунча элдин баары бар,

www.bizdin.kg



Чунайган уулум барында
Эмизбей жаңжал салгамын.
Эл топтотуп журт кылып,
Эрикпей жыйып алгамын,
Кепти ортого салгамын,
Эмчектен кан чыкты деп,
Жүзү бөлөк түрүндө.
Акыры душман зилинде,
Мүлкүңдү өрттөп чет кылат
Зилинде сени мерт кылат,
Арагыңды суу кылат,
Айлыңды бузуп чуу кылат,
Бир кылбастан миң кылар
Кыйлы чатак, ичи арам
Кыйрыңды бузат бу жаман,
Белгилүү ала жоголбос,
Бейли бузук оңолбос,
Түбү кара зилинде,
Түгөнгүр душман зилинде,
Ушу чороң чоңойсо,
Душман болор түбүндө,
Эренди жыйып чыркырап,
Канчоро көзүн жогот деп
Эчен күнгө буркурап,
Айтсам уулум болгон жок,
Какшасам тилим алган жок,
Сырттан тууган Семетей
Телегейи тең эле,
Ичиң көрсөң көкжалдын
Көл-дайрадан кең эле.
Энеси айтса кылайтып,
Болбой койгон кенебей,
Боздоп айткан кебимди,
Бучкагына теңебей,
Укпай койгон сөзүмдү,
Уят кылган өзүмдү.
Бейлебей койгон сөзүмдү,
Бек кейиткен өзүмдү.
«Караан кылган баланы
Кантип кармап сой дейсиң?
Катыгүн энем не дейсиң?
Тууган болчу чорону
Туура кармап сой дейсиң!
Бу бадирек бир бала.
Бир бала тентек болгондо,
Бейтаалак энем не дейсиң?
Журт үркүп ташка конобу?
Жалгыз бала жоо болуп,
Ай-ааламды соробу?
Бир ымыркай баланы
Жоо көргөн киши оңобу?
Кара бат энем, оңбой кал,
Бул айтканың болобу?
Бекзааданын жалгызы
Медерин соёр жөн барбы?
Канзааданын жалгызы
Каранын сойчу жан барбы?
Караан күн энем экенсиң,
Башымдагы мекемсиң,
Бузулган ишке бурмалап,
Буулукпачы долу эне.
Мени бузуп коер бекенсиң,
Ата, берен энем бейтаалай,
Шумдуктуу сөзүң бир далай.
Каран кылган баланы
Кармап кантип соёлу?
Каралды болчу тууганды
Кантип өлүм кылалы?
Бейтаалай эне не дейсиң?
Бешиктеги баланын
Бек болорун ким билет?
Карындагы баланын
Кан болорун ким билет?
Боорткодо баланын
Жоо болорун билдим деп,
Жоболондуу шордуу энем,
Жосуну жок кеп салдың,
Өйдө тартсам өбөгүм,

www.bizdin.kg



Ылдыйга кирсем жөлөгүм,
Канчоро менен Күлчоро –
Менин экөө тең тууган бөбөгүм.
Бул Алмамбет, Чубак эки атам
Бул экөөнөн калган мураны,
Бу эгиз болчу эрлерди,
Бу ай-аалам бузчу шерлерди,
Кай бет менен бөлөмүн,
Бу аты уйкаш эки чунакты
Кайсы бет менен бөлөмүн.
Ачууланса курган жан
Ак калпак журтум жыямын,
Аты уйкаш эки баланы
Белиме таңуу кылармын.
Бет алган жоого карармын.
Э, бейтаалай энем не дейсиң?
Сенин эне, бул кебиңди ким уксун?
Көз көрбөгөн түн уксун,
Аласкарлуу  тоо уксун,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Айкайлаган жоо уксун,
Казылган кара көр уксун,
Алды калың жер уксун,
Билгичсинип шордуу эне,
Кыямат кеткен атамды
Күндүзүндө кыбырлап,
Түн ичинде шыбырлап,
Ууга салган экенсиң,
Жакынынан жат кылып,
Жапанын санын тарттырып,
Жан казатка мингизип,
Жабыктырып күйдүрүп,
Жолго салган экенсиң,
Жарыктык атам Манасты
Сен эне, бир жолго салган экенсиң!
Айкөл атам Манасты
Аласкардай тоо кылып,
Бузуп жолдон чыгарып,
Энем тууганы менен жоо кылып,
Окус кылган экенсиң!
Ата, берен энем, бейтаалай
Жал-куйруктан айрылтып,
Кулandай кылар экенсиң,
Басуучу буттан айырып,
Жыландай кылар экенсиң,
Тоодон аңчы ыргыткан
Таштай кылар экенсиң,
Соргок адам мүлжүгөн
Энеке, баштай кылар экенсиң,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Душман кылат экенсиң,
Ар жагында башыма
Бейталай энем, оңбой кол
Сен, душман кылат экенсиң!
Каралды чуңкур дөбөдө
Тоо чыгарат экенсиң.
Ар жакыным башына
Жоо чыгарат экенсиң.
Бөлүнтпөгүн санаамды
Бөлөкчө мындай дебегин
Караалды кылган баланы».
Деп, ошентип, Семетей
Кан, бек айтса тил албай,
Канчоронун жоругун
Куу жолтой балам биле албай,
Серүүн кылган сөзүмдү,
Шерменде кылган өзүмдү.
Бузук кылган сөзүмдү,
Уят кылган өзүмдү.
Өткөн иштин жайынан,
Канчоронун айынан,
Алты ай көрбөй көзүмдү,
Айтсам кирбей сөзүмө,
Көп ишенбей өзүмө
Мойнуна тумар тактырып,
Чоң энеси Чыйырды –
Чыйырдыга бактырган,
Ажыбайды аркалап,

www.bizdin.kg



Каалап тамак бердирген,
Көп ишенбей энеге,
Тамак-ашын баланын
Көрпөянга бердирген,
Асырап багып эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган,
Тогузга бала келгенде
Торконун гүлүн кийгизип,
Топ озоор жорго мингизип,
Тойго ээрчитип жүргүзүп,
Келбеген жорго мингизип,
Күл бадамды кийгизип,
Аргын менен кыргызды
Былкылдатпай билгизип,
Асырап сактап, зор кылган,
Аалам журтка чоң кылган,
Ыйлап атса сооротуп,
Уктап жатса ойготуп,
Ээрчитип жүрүп эр кылып,
Эр уулу менен тең кылып,
Үзүлгөнүн көп улап,
Чачылганын көп жыйнап,
Өчкон отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Эрешен тартып, эр кылып,
Эр уулу менен тең кылып,
Казыдан кесип жегизип,
Канкорго тууган дегизип,
Казыдан кесип жегизген,
Өлбөй жүрсө канкорго
Өбөк болот дегизген.
Өзгөчө тууган балаага
Өз эмчегим эмизген,
Ошо күндөн ушул күн
Кимди балан дегизген?
Эриксе элик аттырган,
Ээликсе жоо чаптырган.
Мунун эш кармаган баласы –
Акырында Канчоро
Жоо болгонун карачы!
Жа, Зулпукор болот кын чыкты,
Султан Семетейге чыр чыкты,
Бейтаалай айткан мурун сөз
Ошонусу чын чыкты.
Бээжинди бузуп, жол кылган,
Бек корккон жок арбактан.
Абасын союп кор кылган,
Эй, ата балам Айчүрөк,
Эй, кейибегин кулунум!
Өлөңдөн күйүп өрт чыгып,
Өз ичинен жоо чыгып,
Уу төгүптүр күбүңө,
Ушу турган Канчоро
Балам, жеткен экен түбүңө!
Ээй, балам, курама темир курч эмес,
Бу кутурган какмар журт эмес,
Бу бадыраң темир курч эмес,
Башка өскөн арам журт эмес!
Ээй, кулунум Айчүрөк,
Бу Кең-Кол саа журт эмес,
Түбүндө Канчоро саа эл эмес!
Ээй, Айчүрөк кулунум,
Менин ичим жалын, боорум чок,
Сенин ичинде алты ай бала бар,
Мен медер кылам Кудайга
Жаратканга көөнүм ток!
Айчүрөк балам, кордук, мүшкүл күн көрүп,
Кошуп ыйлап күйөрмүн,
Так сени мен он эки жылы күйөрмүн!
Он эки жылы болгуча,
Кордук тартып жүрөрмүн.
Он эки жылда келбесең
Мен зарланып жүрүп өлөрмүн.
Ээй, Айчүрөк кулунум,
Акылга дыйкан сен элең,
Курсактагы белегиң

www.bizdin.kg



Эркек болбой кыз болсо,
Айчүрөк балам, кат учур,
Кат учурсаң бат учур!
Арка чачым өрөйүн!
Күйүп-бышып, чок болуп,
Каныкей ошо күнү өлөйүн.
Эгерде эркек уул болсо,
Толуктап тоюн соё көр,
Мунун атын Сейтек кое көр!
Мойнуна белги тага көр,
Кирдүү көйнөк кийгизбей,
Киргил ашты ичирбей,
Кир жугузбай бага көр!
Балам, атасынан бабасын
Баатырлыгын карачы!
Жашы он үчкө келгенде
Жылгалуу, Кең-Кол жерин айт,
Жыргалдуу кыргыз элин айт!
Өзөндүү Талас жерин айт!
Аргын, кыргыз элин айт!
Толуп аткан сонунду айт!
Бобу мен кара бет долуну айт!
Ээй, айланайын Айчүрөк,
Жибек оңуп күң болбойт,
Жакшы ургаачы, кулунум,
Жоого түшсө күң болбойт.
Кайрат байлап шердик кыл,
Тууганың болду душманың,
Ичинде болду бушманың,
Балам, азыр кезде эрдик кыл,
Ээй, Айчүрөк кулунум,
Айтканым ушул билип ал,
Алда башка салганда
Көтөрбөй турган чара жок,
Ой, Айчүрөк, тилимди ал,
Камоого кетти Күлчоро
Ардыгып ботом өлгөндүр!
Өлбөй аман бар болсо,
Кордукту көрүп жүргөндүр,
Баатыр деле, шер деле,
Жылкычыга кул болуп,
Акырегин жоорутуп,
Эки колун оорутуп,
Өлүп калбас тон кийип,
Өчүп кетпес суу ичип,
Бышып-жанып, чок болуп,
Өрттөнүп бышып кок болуп,
Күйүп жүрөр Күлчором!
Көз салбасаң жаман ат,
Күлчоро саа аманат!
Жылында көзүн көрө көр
Кементай тону жыртылса,
Ээй, кулунум Айчүрөк,
Кез-кезде жамап бере көр!
Ачып кетсе тойгузгун,
А Күлчоро иниңди
Арып кетсе семирткин.
Көз салбасаң жаманат,
Ээй, Айчүрөк кулунум,
Күлчоро саа аманат!»
Деп, ошентип, Каныкей
Кайран энең бейтаалай
Кээде кейип, кээде ыйлап,
Шердикке салып турду эле.
Кээде боздоп, кээде ыйлап,
Эрдикке салып турду эле,
Айтып оозун жыйгыча,
Ар сөздү баштап тыйгыча,
Кудай бетин көргөзбө
Касаба кайнап, туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Каптап чыккан калың кол
Жазайыл атып, жаа тартып,
Каптаган экен ошол жол.
Ордо камап, дуу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Айзанын башы кагышып,
Эрендин баары жарышып,

www.bizdin.kg



Асманга учуп топурак
Аскер жайнап топурап,
Айбалта колдо жүрүшүп,
Кылыч кынынан тийишип,
Сан бөлүнүп тилинип,
Көптүгү журтка билинип,
Азар-түмөн мол болуп,
Азыраак эмес кол болуп,
Калк чуркурап чаң жүрүп,
Дүнүйө жүзү бүтүптүр,
Алды кабат кара жер
Канчоронун каарына
Калыңынан түтүптүр,
Жер бозоруп, чуу болуп,
Асман жарган дуу болуп,
Мунары каптап кир болуп,
Калың кара жедигер
Каптап калган кези экен,
Жер жүзү менен бир болуп.
Айлалуулар, мыктуулар
Айза кармап, топ бузган
Капкачыга кабылып,
Мунун ажалы жеткен окко учкан,
«Канчоро кандап» бакырып,
Кыжылдаган түмөн кол,
«Кыяздап» ураан чакырып,
Чымындай учуп дыркырап,
Курттай курчап былкылдап,
Кумурскадай кылкылдап,
Капкачы менен жедигер
Маңдайлашып турушуп,
Жазайыл иштеп жаа атып,
Жаңжалдашып урушуп,
Катын экен Канчоро
Жедигердин баарына,
Жеткилең Кыяз канына,
Каадасы бар шерине,
Чын кайратуу эрине,
Жедигерди чогултуп,
Акыл айтып Канчоро
Күүлөп алган кези экен.
Кылычын кызык аштаптыр,
Кээ бирөөсүн тебелеп,
Кээ бирөөсүн Канчоро
Кемирип – кесип жемелеп,
Айдап алган кези экен.
Капканы камап, дуу кылып,
Жесир жетим катынды
Жетип талап алууга,
Бир мүшкүлдү салууга,
Канчоро какшаал ой кылын
Койбой сабап сан колду,
Жыйып салган чагы экен.
Койбой сабап кыйланы
Кырып салган кези экен.
Ою турат Канчоро
Ордону талап алууга,
Ишкердигин ашырып,
Ит алгыр жайы ушундай –
Илбирстей тырмак жашырып,
Жоо эрдигин ашырып,
Ата, жолуң болбой өрттөнгүр,
Жолборстой тырмак жашырып,
Кечээ, кабылан жоого киргенде,
Душманга беттеп тийгенде,
Берен көкжал барында,
Белгилүү урчу добулбас
Өзү билдин териси
Жобосу мындай добулбас
Үнүн уксаң оолак кач,
Жоону көздөй бет алып,
Жолумдуу айза көтөрүп,
Киреерде кагат балбанча
Анча-мынча душмандын
Жөн эле чыгат далдалы,
Беренден калган добулбас
Күрсө-күрсө кагынып,
Кол эсинен жаңылып,

www.bizdin.kg



Койбой айдап Канчоро
Болот мамы капкасы –
Капкадагы бакмачы,
Каптап уруш салды эле.
Капка баккан кандары,
Атайылап канкордун
Кароолго койгон балбаны,
Кароолчунун ыктуусу,
Капкачынын мыктуусу,
Кабарында бар бекен
Кабылан Манас шеринен
Эчакы кеткен эр менен,
Жер түмөндөп козголгон
Жеткилең көкжал шер менен
О дүйнөлүк дос болгон
Ашаганда машаган,
Дөөтү менен сүйлөшүп,
Асыл курчтан жасаган.
Баатыр Манас шер менен
Коюбуз бирге короолош,
Ашы бирге жороолош,
Усталыгын укканда
Ар кескен соксо кыналган,
Бөлөкбайга тетиги
Бакбурчун журту кубанган.
Болот жасап Бөлөкбай
Улугуң Манас канды алган
Берен уста экен деп,
Тетиги Бээжиндин журту таң калган.
Берен Бөлөкбай өлгөндө,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран киши көргөндө,
Белекке калган Акжолтой,
Берендиги сан колдой,
Атка оюнпос, жөө күлүк,
Атышса салат чоң бүлүк,
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Айза кармап сайганда
Артык эптүү сынаакы,
Эр Семетей баатырга
Капка баккан мураапы –
Ары балбан, ары шер.
Мергендиги дагы чын,
Жыдымак таанып маш ирмеп,
Келгендиги дагы чын,
Болумдуу эрдин даанасы,
Бөлөкбай уста баласы.
Капка оозунда Акжолтой
Каарданса сан колдой.
Канчоро, Кыяз калың кол
Калың колго көнбөстөн,
Жесир, жетим, кемпирди
Кыйып жоого бербестен,
Мандайлашып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Барсылдашып урушуп,
Асманга түтүн чубалып,
Мандайлашып турушту,
Акжолтой жалгыз, тиги сан
Барсылдашып урушту.
Жедигер каптап кол салып,
Жан аябай мол салып,
Кез болгонун жайлашып,
Керишке кирген куу жанды
Жарты кылга байлашып,
Ажалы жеткен өлүшүп,
Балаа-мүшкүл көрүшүп,
Өпкө жарып, өт алып,
Өңгөчө кан төгүшүп.
Бөлөкбайдын Акжолтой,
Айдыңы мыктуу сан колдой
Акылга дыйкан эң билгич
Артыктыгы момундай.
Кечээ, атасы уста Бөлөкбай
Ойноо бала чагында,
Атасы тирүү барында

www.bizdin.kg



Уул болот деп жактырган,
Жыдымак кароол таанытып,
Бута үйрөтүп аттырган,
Кечээ, эр Семетей зор көкжал
Ар шайманын шай кылган,
Капкачыга кан кылган,
Атышка дамбыл камбылды
Артык эптүү даңгыл кул
Маңдайлашып турушуп,
Канчоро, Кыяз кан менен
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп
Акжолтой кирип, топ бузуп,
Капка баккан жайсандар,
Кароолдо турган сакчылар,
Дарбазада бакчуулар,
Кыйла эрендер окко учуп,
Кыйын мүшкүл чуу болду,
Журт бүлдүрүп, ордо чаап,
Калкына талаан койгонун
Көнбөй турду Акжолтой,
Жесир жеңе, тул катын
Жедигер олжо кылышка
Бербей турду Акжолтой.
«Тобокел» деп турушуп,
Топ как жарып урушуп,
Акжолтой жалгыз, берки сан
Кармаш кылды Акжолтой.
Акжолтойдун жанына
Эмил чочмор эр өлүп,
Эгизей, Көчөр тең өлүп,
Капка тазтаар Акбалбан
Караан болбой ал өлүп,
Калган экен Акжолтой.
Калың колдуу Канчоро
Кайкалата баштаптыр,
Капкачынын баарысын
Тузу арам кырып таштаптыр,
Капка тозуп жатышып,
Күнү-түнү жети күн
Капканы бербей Акжолтой
Жети күн тынбай салышып,
Жети күн өтүп толгондо
Айласы кетип Акжолтой,
Чалыша турган чамаа жок,
Айланасы толгон ок.
Бел байлаган бели жок,
Медер кылган эри жок,
Аманы артык боору чок,
Караан кылган Күлчоро.
Караан кылган досту жок,
Азыр өлүп кетсе да
Бабасы Бакай каны жок,
Каралды кылып отурган
Семетей көкжал дагы жок,
Берен мерген Акжолтой
Кармап минчүү буудан жок,
Каралды канкор каны жок,
Жал-куйруктун баары жок,
Ичи өрттөнүп, боору чок,
Кайнап колу үч келип,
Чымындай жанга күч келип,
Чыдай албай Акжолтой
Жети күн тынбай аралап,
Жети жерден жара жеп,
Дендин баары быркырап,
Сай-сүйөк какшап зыркырап,
Канкор Кыяз эки кан
Каптап кирди чуркурап.
Дүнүйө тарып зар болуп,
Турду Акжолтой кар болуп,
Шекер сындуу шилекей
Бир жутууга зар болуп,
Тандай кургап так катып,
Көздөр кетип алайып,
Дене сөөктүн баарысы
Өлүүчүдөй шалдайып,
Денеси жанчоо кан болуп,

www.bizdin.kg



Эң кызмат кылчу эки кол
Көтөрүлбөй шал болуп,
Жаңжалдашып урушуп,
Кордук кылды жедигер,
Жапа салып куу жанга
Зордук кылды жедигер,
Күүгүм кире, күн бата
Жөөлөп кирди жедигер,
Айчүрөктүн Ак сарай
Ээлеп кирди жедигер.
Кудай бетин көргөзбө,
Уйгу-туйгу жол жүрүп,
Кол тумандап, мол жүрүп,
Санай кирди жедигер,
Алтын, күмүш, сан дилде
Талай кирди жедигер.
Өзү жалгыз Акжолтой
Капаланып кайгырып,
Караалды кылып отурган
Капкачыдан айрылып,
Карысын канга малдырып,
Кароолчусун, шерлерин,
Белине таңуу эрлерин,
Жедигерге алдырып,
Аткан менен ок өтпөй
Арам өлгөн Канчоронун
Оңуп калган немедей
Жакасы алтын, жеңи жез,
Аркагы жибек, торгой көз,
Аколпок тартып кийиптир,
Ойногондо очогор,
Чындап атса койчагыр,
Асынып алса жөн эле
Ар дүмөктүн болжошу,
Сундурганда бу каран
Чымындай жандын жолдошу.
Сураса бербес Аккелте
Канчоро кандын колунда.
Караса мүшкүл ушундай,
Кадуулап ашар бел таппай,
Каралды кылар шер таппай,
Кайран жандан түңүлүп,
Колунда мылтык чорт келте
Чорт келте кармап жүгүрүп,
Күүгүм кирип, күн бата,
Элдин асты дым жата,
Асмандан жылдыз бөлүнбөй,
Көз тунарып, түн түшүп,
Түк эчтеме көрүнбөй,
Мына ошондо Акжолтой
Кайыпчынын белине,
Канжайлактын сеңирге,
Чымындай жанга күч келип
Чын дүйнөсүн чачыптыр,
Чыдай албай бир көкжал
Кайыпчы көздөй качыптыр.
Жедигер кармап алаарда,
Койбой кордук салаарда,
Койдой башын кесерде,
Түбүнө түптүз жетерде,
Каптап басып кетерде,
Бөлөкбай уста уулу эле,
Бөлөкчө жайчы кул эле,
Жакага жамгыр жаадырып,
Бөксөгө туман алдырып,
Күн бузулуп тутулуп,
Күндөп-түндөп жөө чуркап
Кайыпчынын Кара-Тоо
Кош маңдайдын керүүдө
Атасы Бөлөкбай жоодон кутулуп,
Чыга каччу сеңирге
Күн бузулуп тутулуп,
Акжолтой качып кутулуп.
Айып болду Акжолтой
Адамзаада жолобой
Канчоронун каарынан
Кайып болду Акжолтой.
Казына капка каны эле,

www.bizdin.kg



Кадыры мынча бар эле,
Ала качып куу жанды
Кайыпчы-Тоого баштады,
Алтымыш катын, тул жеңе
Айылды каран таштады.
Кечээ, камап жатып ордону
Таң кашкайып сүргөндө
Асмандан жылдыз чуркурап
Кыбыла көздөй жүргөндө,
Таң супалап турганда,
Таң атаардын муздак жел
Сөөк какшатып урганда
Таң супасы көрүнүп,
Асмандан жылдыз чуркурап
Кыбыла көздөп бөлүнүп,
Көз байлаган мунарык
Асмандап өйдө бөлүнүп,
Жер жарылып таң атып,
Оркой тоонун баш-башы
Адамга даана көрүнүп,
Жер жарылып келгенде
Жетиктеп белин курчанып,
Жер айрылган бакырык
Бакырыкты кааласаң
«Канчоролоп» чакырып,
Кайрат кылган шерлерди
Таптап кирди жедигер,
Алтымыш жеңе, тул катын
Аралаш тийип баарысын,
Каптап кирди жедигер.
Бу калың кара жедигер
Чынарын кесип сулатып,
Дубалын түртүп кулатып,
Талын кыркып сулатып,
Тамынын баарын уратып,
Капканын оозун кан кылып,
Кайраттууну даң кылып,
Калың элдин бузугу
Канчорону кан кылып,
Каптап кирди, жедигер,
Эренди союп жок кылып,
Каалганы кыйратып,
Катындарды чуулатып,
Таптап кирди жедигер
Дүйнө баккан казына
Казына оозун ачты эле,
Агар алтын, ак күмүш
Улуулардын баарысын
Олжо кылып жедигер,
Омуроо бою чачты эле.
Туруктууну тул кылып,
Жибекти сабап жүн кылып,
Агача келин, Аксайкал
Алып талап, күң кылып,
Чаап алып ордону
Түркүгүн сууруп коргондун
Таштан шаарын талкалап,
Такыр талап алды эле,
Кум коргонун куйкалап,
Куптап чаап алды эле,
Билген чырын кылды эле,
Казына талап тунду эле.
Кызыл куйрук бил айдап,
Шар куйругун өрүшүп,
Кумгандай алтын, кум дилде
Куптап талап бөлүшүп,
Аркагы алтын кырмызы
Мунун баарын бөлүшүп,
Кыргыздын баары камалып,
Кыз олжо болуп таланып,
Олжого тойгон жедигер
Антандашып бакырып,
Кыйын олжо алдык деп
«Кыяздап» ураан чакырып,
Түркүгүн сууруп алышып,
Түгөл талап алышып,
Түйшүксүз шумдук кылды эми.
Түрсүлдөгөн жедигер

www.bizdin.kg



Түгөл талап тунду эми.
Канкор кандын казына
Үлөшө албай турду эми.
Алтын менен күмүштү
Жүктөй албай баратат,
Агача келин, сулуу кыз
Үптөй албай баратат,
Калың кара жедигер
Канчоро кан барык болуп,
Бар дүйнөгө карк болуп,
Кыяматтык мендеге
Унутулгус нарк болуп,
Каптап кирип кол басып,
Канчасын союп талкалап,
Капка баккан капырды,
Талап кирди ордодогу катынды.
Түркүгүн сууруп сулатып,
Түп мамысын уратып,
Айчүрөктүн Ак сарай
Алары жары эр Кыяз.
Камап кирип турганда,
Чүрөккө зордук кылганда,
Ордо ичинде Айчүрөк
Отурган экен керилип
Сүйлөөргө сөздөн эринип.
Бул Айчүрөк катындын,
Кылпылдаган капырдын,
Бадана тону балкылдап,
Тийген айдай жаркылдап,
Перизада бейбактын
Бейлин көрсөң ушундай.
Көөхар, жакут топчулар
Омуроодо муштумдай,
Муңайып сүйлөп жаркылдап,
Алтымыш ачкыч, бой тумар
Бу болжолу көк бейбактын
Омуроодо шаркылдап,
Оймок ооз, бото көз
Бели кындай, бети аппак
Белгилерин карап бак.
Бул Айчүрөк катындын
Кылтылдаган капырдын
Сыягы жумшак, сөзү бал
Адамдан чыкпайт мындай жан.
Кызгалдактай кылактап,
Кынама бешмант, суп көйнөк.
Эркелеткен бейбактын
Этеги чыгып булактап.
Тиктеп көрсөң Айчүрөк
Эр Кыяздын көзүнө
Тийген айдай көрүнүп.
Айчүрөктү көргөндө
Агыштын уулу эр Кыяз
Акыл жаман бөлүнүп,
Күйүттөнүп кашкайып,
Күлүмсүгөн бейбактын
Күндөй бети жаралуу,
Күлдөгөн башы каралуу,
Олоңдой келген кайран чач
Омуроого жайылып,
Күзгүдөй болгон ак бетке
Беш тырмак кирип сайылган.
Эр Кыяз камап келгенде
Айчүрөк жандан түңүлүп,
Агарып өңү суюлуп,
Эки беттен аккан кан
Омуроо ылдый куюлуп,
Ошондо ою турат Чүрөктүн
Жакындап келсе Кыязга
Зулпукор кындан алсам деп,
Акыр-такыр чоң мүшкүл
Ушу кутурган итке салсам деп,
Эсебин эптеп тапсам деп.
Ушу арам кул башын чапсам деп,
Мүшкүлдү мыктап салсам деп,
Ичинен чыккан кара кан
Шимирип жутуп калсам деп,
Каарлуу кара чоң мүшкүл

www.bizdin.kg



Ушу капыр кулга салсам деп.
Ушу ордо ичинде
Муну бир арык койчо жарсам деп,
Кечээ, канкор Манас барында
Асмандан түшүп кабылган
Белсенип жоого чапсын деп,
Берен кан Манаска табылган.
Сунганды кесер Зулпукор
Ташты салса тартпаган,
Каалап адам шилтесе,
Кан ичпей куру кайтпаган.
Кызыгып кындан тартканда
Шилтесе кулач узарган,
Көк жашыл мизи кызырган
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Жашты чапса, чаң чыккан,
Адамды чапса кан чыккан,
Белгилүү өткөн Манастан
Белекке калган Зулпукор.
Бой мончогу шаркылдап
Бул болжолу жок бейбактын
Ботодой көзү жаркылдап,
Эрте сөзү кеч болуп,
Эр Кыязды чабууга
Белгилүү Чүрөк капырдын
Эки көзү төрт болуп.
Жедигердин  Кыязды
Жеңең карап турду эле,
Жакындабай жадуугөй,
Турган экен эр Кыяз.
Жакындабай долунун
Суугуна баталбай,
Ысыгына жата албай,
Беризаада бейбактын
Бейлин көрүп таң калып,
Сумсаңдаган сулууга
Суук укурук сала албай,
Сулуу катын Чүрөктү
Бет алып талап алалбай,
Каалап көрбөс канчыктын
Кашына жакын бара албай,
Жедигердин эр Кыяз
Айчүрөктү көргөндө
Келбетин көрүп сынды алып
Сулуулукка таң калып,
Айдай катын Айчүрөк
Адам эмес бир экен,
Өткөн иштин жайынан,
Айчүрөктүн айынан,
Кыжылдашып калың журт
Кырылаары эп экен.
Сулуунун сымбат көзү экен,
Суктанаардын өзү экен,
Адамдан артык жан экен,
Чынкожо, Толтой тең өлүп
Талашканча бар экен.
Катынында калк бузган
Кыз кезинде бул Чүрөк
Каада чайкап эл бузган,
Күндөй жарык неме экен,
Кагыштырып ааламды
Кыргандары эп экен.
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Өлүшчүнүн Айчүрөк
Карарган кара көзү экен,
Чүрөктү чүрөк дей берген
Кудай урган кеп экен.
Чоң тамаша оюнга
Батчу Чүрөк турбайбы!
Тар төшөктө талкуулап,
Жатчу Чүрөк турбайбы!
Жалаң оюн, чоң кумар
Басчы Чүрөк турбайбы!
Алган жандын кумарын
Ашчы Чүрөк турбайбы!
Бириктешип беттешип,
Бир казандан эт жешип,

www.bizdin.kg



Элкин төр бойлой конушуп,
Эрди-катын болушуп,
Ар кылыгы ааламдан
Артчуу Чүрөк экен деп,
Эр адам сүйүп бооруна
Тартчу Чүрөк экен деп,
Эчен кызык оюнга
Батчу Чүрөк экен деп,
Эзелки капа, үлкөн дарт
Жазчы Чүрөк экен деп,
Кең ордого олжолоп
Барбачы Чүрөк экен деп,
Кең-кесири оёнду
Салбачы Чүрөк бекен деп,
Бир капкадан беттешип
Бир табактан эт жешип
Абыдан жыргал оюнга
Батуучу Чүрөк экен деп,
Ойкуштаган бейбакка
Оболку  дарты кандырып,
Жатпачу Чүрөк бекен деп,
Кыйгачтаган сулууга,
Ата, кылтылдаган кургурга
Ар дегенин колуна
Бербес Чүрөк бекен деп,
Айтканына макул деп,
Көнбөс Чүрөк бекен деп,
Болжолу жок Чүрөктүн
Кетирбесем алымды,
Чачпасам илек малымды,
Малдан ашып баарды,
Кыдыртып кыйла шаарды,
Казына оозун ачпасам,
Бардигер тапкан жыйганым
Зарып кылып Чүрөккө
Сан карамды чачпасам!
Чүрөк сулуу кирүүгө
Түндүгү алтын, боосу жез
Буюртуп ордо таппасам
Ал түндүктүн көзүнө
Арыптап алтын солотуп,
Жедигердин казына
Арбынырак коротуп,
Кубантып журтту дуу кылып,
Жүрөктү Кыяз алды деп,
Аалам журтка чуу кылып,
Кыймылдаган адамдын
Кыйласын жыйыр той кылып.
Кылымга кылып тамаша
Кыз алгандай кылбасам.
Байбичелеп сабылып,
Кеминде кырк жол жалынып,
Кызматын кылып камынып,
Маңдайында турбасам!
Айдай катын Айчүрөк
Айткан тилиң албасам,
Айдаган жакка барбасам,
Дегенине көнбөсөм,
Айтканын кылып бербесем,
Төшү түктүү Жер урсун,
Төбөсү бүтө Көк урсун,
Алда-жалда Ак урсун,
Ак милтенин чогуу урсун,
Ак бараң мылтык огу урсун!»
Жедигердин эр Кыяз,
Кыяз турду сабылып.
Жакындабай эр Кыяз
Чүрөккө турду жалынып.
Айдай катын апаңыз,
Ар шумдугун караңыз,
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Өлбөй көзү чачырап,
Канкор шерден ажырап
Тал жибектей кайран чач
Талаанга кетип кайран баш
Ушундай кордук көргүчө
Ажалдан мурун өлсөм деп,
Кайра тартпас чын жайды

www.bizdin.kg



Кайран башын көрсө деп,
Ичи өрттөнүп көз жайнап,
Каарланган Чүрөктүн
Кан ичмеси чын кармап,
Өпкөлөп турат, өлөм деп,
Кайра келбес чын жайды
Кыязга олжо болгуча
Кайран башын көрсө деп,
Айчүрөк көөнү бөлүнүп,
Жедигердин эр Кыяз
Айчүрөктүн көзүнө
Ажыдаардай көрүнүп.
Жакындаса кул Кыяз
Кылычты кындан алсам деп,
Акыр-такыр чоң мүшкүл
Эр Кыязга салсам деп,
Заманасын ойсом деп,
Ушу баатырсынган Кыязды
Бир эсебин тапсам деп,
Зулпукор менен чапсам деп,
Асмандан Алданын күнү бүркөлөт,
Айчүрөктүн башына
Алтымыш санаа бир келет.
Жакындаса Кыязды,
Жаныма келсе Канчоро
Түйшүктү түптүз салсам деп,
Кимиси келсе жакындап,
Алмадай башын алсам деп,
Акыр-такыр чоң дүмөк
Эки арамга салсам деп,
Айчүрөк турат муну ойлоп,
Кыргынга кызык жетсем деп,
Кызыталак жанды аябай
Бирөөнүн башын кессем деп,
Эр мүчөлүү ыктуу күң,
Жоонун айласын билген
мыктуу күң,
Атбороюн сыдырган,
Ай-ааламдын баарысын,
Учуп жүрүп кыдырган.
Ободон туман тараган,
Кандим болуп эр жакка,
Алп-дөөлөрдүн баарысын,
Жашы менен карысын,
Баатыр менен шерлерин,
Албан түрдүү эрлерин,
Ичи дайра, көлдөрүн,
Телегейи теңдерин,
Катындан казан талашкан
Кара мүртөз көрлөрүн
Көрүп жеңең сындаган.
Көнгөн долу Айчүрөк
Эр мүчөлүү, көзү өрт
Көрсөң түрүн оолак кет!
Кан ичмеси бек кармап,
Жакут таштай кашка тиш
Ургаачыдан башка тиш,
Качырата бек чайнап,
Өзөлөнүп көз жайнап,
Ак жыландай толгонуп,
Арыландай комдонуп,
Каны качып кубарып,
Бөрүдөй көзү кызарып,
Дондой болгон кайран чач
Омуроодо чубалып,
Жедигер түмөн, бул жалгыз
Тегерегин карабай,
Теги жанды аябай,
Тегеректеп жедигер
Өлөмүн деп санабай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Кыйкырып турган жедигер
Журт ордуна санабай.
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Жалындап жанып, кок болуп,
Каралды кылган капкачы,
Капка оозунда бакмачы,

www.bizdin.kg



Туу түбүндө турары,
Таалайы жок бейбактын
Талкан болуп булары.
Ичи өрттөнүп, боору чок
Алмадай башы азапта
Катында мындай шордуу жок.
Капаланып кайгырып,
Караан болгон Акжолтой
Эренден кошо айрылып,
Эми Кудай ураарын
Эстенип көрдү Айчүрөк.
Жедигер олжо кыларын,
Каарланса жедигер
Катыгүн жанды кыярын.
Кылып жаны тынарын
Аянбайт экен кубарың.
Акыл ийлеп, кеп ойлоп,
Алуучу Кыяз, Канчоро
Оңтойго келсе деп ойлоп.
Ээлигип долу тура албай,
Камап душман келгенде
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Кападан көңүл бөлүнүп,
Туталанып тура албай,
Туура жанды кыя албай,
А сарайдын ичинде
Тегереги чынар бак
Ортосунда дардайган
Төрөсү минген төөдөй так
Ал алтын так түбүндө
Көөхардан боосун талдырган
Так түбүндө канкор шер
Асемдетип салдырган.
Так алдында чоң килем
Кашаты нар төө жүгүндөй.
Маанисин байкап отурсаң
Бакты килем түрүндөй,
Аркагы сары алтындан
Кыялы таңдай сан бөлөк.
Арыптап алтын сологон,
Килемди жасап турганда
Канкор эрдин казана
Арбынырак корогон.
Кыйла жылга кылт этпей,
Чети чирип былк этпей,
Так алдында турсун деп,
Кыюусу жибек, боосу алтын
Кыйын баалуу чоң килем,
Күңгө жайса оңбогон
Сексен жыл суугa чыласа,
Сербилип чирип болбогон,
Кабыландын зор килем.
Сураса бербес килемге
Сугалак экен жедигер
Талап колун тийгизди.
Өйүз-бүйүз казына
Казына талап калышып
Бүтүн кундуз терисин
Жартылап тилип алышып,
Багалекке салышып,
Кызыл алтын, ак дилде
Талап жатып калышып.
Так алдында чынарды
Кыйып-жыгып сулатып,
Ордодогу кыз-келин
Омуролоп жедигер
Зордугун кылып чуулатып.
Ордодогу сексен кыз,
Алтымыш айым, кырк келин,
Улгайган жаш-карысын
Упурак кылып жетелеп,
Олжо кылып баарысын.
Кырмызы көйнөк, айча бел
Кылтылдаган сулууну
Чуркуратып баарысын,
Олжого тийген кызалак
Ушундай эчак болмок деп,
Алсызынан күчтүүсү

www.bizdin.kg



Куржөндөп тартып алышып,
Күп-күп этип жедигер,
Талап жатып калышып,
Таш койгонду талкалап,
Такыр талап өттү эми.
Көмүркөй толгон көп алтын
Бөлүп-жарып кетти эми.
Капканын баарын беттеди,
Калганынын баарысын
Жедигер талап өрттөдү.
Сейилде турган келиндер
Себи кетип сап алды.
Кызыл көйнөк, айча бел
Кылтылдаган сулуулар
Жедигерге таланды.
Сан дүнүйө, түмөн мүлк
Сапырылып той түштү.
Курган жеңе оюна
Адам чечип, журт билбес
Аябаган ой түштү.
Ордо ичинде Айчүрөк
Оолжуган сулууга
Калың кара жедигер
Камап такыр кире албай,
Жеңеңизге жедигер
Жер майышкан калың кол
Жетип талап ала албай
Жаа сунуп, мылтык ата албай,
Катын арыслан кургурга
Көп жедигер бата албай,
Батпай турган себеби,
Тоодон чыккан айды көр,
Айды көр да, бетин көр,
Айдан аппак Чүрөктүн
Ар келбеттүү өзүн көр.
Асманда чолпон жылдыз бар
Жылдызды көр, көзүн көр,
Шекерди көр, сөзүн көр,
Беризаада бейбактын
Мелтиреген өзүн көр.
Ак эмчегин булайтып,
Асылдай таңын кылайтып,
Эр мүчөлүү бейтаалай
Акыл ойлоп иштенип,
Ордодон өлүп чыкса деп,
Оюу ошондо бейбактын
Чымырканып тиштенип.
Берени жакын келсе деп,
Күчтүүсүнгөн шерлерин,
Күжүрмөнүн, эрлерин
Байкап эки бөлсөм деп,
Зулпукор менен чапсам деп,
Айза сайган ыктууну
Айылды бузган Канчоро
Ал өңдөнгөн мыктууну
Күжүрмөн Кыяз каныгын
Ата күмүрөй калган анысын
Кайраттанып тиштенип,
Акыл санап, ой ойлоп,
Айчүрөк жеңең иштенип,
Күжүрмөнү балбаны,
Күчтүүсүнгөн жандары,
Айбалта сунуп, айза уруп,
Ордодо Чүрөк бейбакты,
Күжүрмөнү, шерлери,
Күчтүүсүнгөн эрлери,
Каптап жатып калганы,
Каптап кирди жедигер
Эми байлап алганы.
Желдеттери, шерлери,
Ар бир бөлөк адамы,
Албан түрлүү балбаны,
Каптап жаңы барганда
Белен турган Зулпукор
Берен катын Айчүрөк
Кармай калып кабынан
Сууруп алып сабынан,
Шиберге койсо өрт кеткен

www.bizdin.kg



Шилтегени мүрт кеткен,
Канкоруңдун Зулпукор.
Кылычты колго алганы,
Каптап кирген балбанга
Кармап алчу жандарга
Жоон өпкө күрсүлдөк
Сүрөөнгө кирчү жандарга
Шамдагайы болжолсуз
Эр мүчөлүү Айчүрөк
Кылычты колго алды эле.
Кыжылдаган жедигер
Кыйрай качып берерде
Кылычты колго алды эле.
Дүргүп балбан качкыча,
Капканын оозун баскыча
Кылыч сууруп тургулап,
Каршы-терши ургулап,
Чакчелекей чаң кылып,
Капканын оозун кан кылып,
Балбандарын жай кылып,
Кайрат кылып Айчүрөк
Зордугуна көнбөстөн,
Кайран башты талоонго
Айчүрөк жеңең бербестен,
Артык камап турушуп,
Эчен жол тынбай урушуп,
Карабай кирген жедигер,
Алтын алган эрендер,
Кыз-катын талап кыңшытып,
Көөп калган берендер,
Кылыч тийип мойнуна,
Кан төгүлүп койнуна,
Шашып жаткан жандар көп,
Дүрбөп үркүп чуу түшүп,
Качып жүргөн балбан көп.
Кабылган нечен балбандар,
Өлгөн экен адамдар.
Күчтүүсүнгөн шерлери
Денеси калып, башы жок,
Кээси жатат сырайып,
Эчен балбан, эчен эр
Кулап жатат тырайып.
Кылычты жеңең алды эле,
Сайышка кирчү сай кашка,
Жалпы баары көйкашка,
Бир жүздөйүн Айчүрөк
Кыргын кылып салды эле,
Кылычтап башын алды эле,
Каралуу жеңең Чүрөккө
Ысыгына бата албай,
Маңдайга жакын бара албай,
Ордодон кармап ала албай,
Олжо кылып сала албай,
Белгилүү кандын долусун
Бет алып кармап ала албай,
Бей таалайды көргөндө
Акылынан шашыптыр,
Эсебин жаман таптырып,
Күжүрмөнүн, кандарын
Бейтаалайга чаптырып,
Жедигердин эр Кыяз
Канчоро канга барыптыр.
Бул Айчүрөк катындын,
Кылтылдаган капырдын,
Кыялы тентек катындын,
Мунун көйнөгү торко бөлүнбөйт,
Эл болчу түрү көрүнбөйт,
Ургаачыдан бир түркүн
Башка түрү бар экен,
Ак тасма кайыш сыдырган,
Ай-ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырган.
Жылас болгон жеңеңдин
Кашкалык түрү көрүнөт,
Эр жактырбай зак болгон
Башка түрү көрүнөт.
Өңү сулуу, ичи арам,
Достум эле Канчоро

www.bizdin.kg



Бу катының бек жаман,
Жети-Өзөн алып барганда
Достум, желигип турган бейбагың
Жер төмпөйгүр бул экен.
Жеткилең залим чоң жуукуй
Жеке чыккан куу экен.
Ашыңа уу салбасын,
Алпарганда катының,
Аркыраган капырың,
Тындым кылып салбасын.
Күпчөккө салып бозону
Күйдүргөн уудан кошпосун,
Кашайта көздү ойбосун.
Катындан Кыяз өлдү деп,
Кайра тартпас чын жайды
Көөдөгүнөн көрдү деп,
Кыздуу үйдө кыякчы,
Катынга болуп аякчы,
Кылым журт шылдың кылбасын,
Достум, уруучу Кудай урбасын!
Кулак угуп, көз көргөн
Эрен шылдың кылбасын,
Албайлы тажаал катынды,
Аркыраган долуну.
Упурак кылып урушуп,
Биз алганда Айчүрөк
Уяттуу мүшкүл кылбасын.
Айгыр болуп азынап,
Азапка салып турбасын,
Жадаалды жаман салбасын,
Достум тил алчы, Кыяз албасын.
Катынында калк бузуп,
Кыз экенде шермende
Кылымды чайкап журт бузган,
Аты чыккан Чүрөктүр,
Чүрөк эмес, бул катын
Ааламды бузган дүмөктүр.
Долунун кара көзүдүр,
Чүрөк эмес капырың
Тозокунун өзүдүр!
Бузук жакка барбайлы,
Бурулайын элиме,
Достум, бу катынды албайын!»
Мына ошондо Канчоро
Карчыгадай камынып,
Канчоронун оозунан
Кайыптан акыл табылып,
Булкунгандан силкинип,
Жер токмоктоп күүлөнүп,
Эр Кыязга сүйлөнүп:
«Атаңдын көрү, эр Кыяз,
Эр Кыяз эмес, жер Кыяз!
Катындан карыш кем Кыяз,
Капыр Кыяз экенсиң.
Адал ике, ак жупту
Катындан арам ойлойсуң,
Башы буулу арамдык
Бир талык койбой өлбөйсүң,
Минте берсең болбойсуң
Жети-Өзөн сенин жериңди
Жер экен деп жүрөмүн.
Ата, жерге кирген эр Кыяз
Сени мен эр экен деп жүрөмүн.
Эр эмессиң, жердирсиң,
Эселек Кыяз белемсиң,
Катындан арам санаган
Эндир-сендир бекемсиң.
Баатыр Кыяз деп жүрсөм
О, ботом, катын Кыяз экенсиң.
Достум, ар качандан бир качан
Кермелеттиң сөзүмдү,
Кейиттиң Кыяз өзүмдү.
Оолукма катын Чүрөктү
Олжого тартып албасаң,
Жети-Өзөн, Таркан жериңе
Бир мактанып калбасаң,
Толтой өлгөн Чүрөккө
Тополоң чууну салдым деп,

www.bizdin.kg



Олжолоп катын алдым деп,
Эр Толтойдун эски кек
Кары кегин алдым деп,
Бир мактанып калбасаң
Сен кан экениң кайсакта?
Калык эскиртип, журт күткөн
Жан экениң кайда экен?
Капкасын буздуң балталап,
Алтынын алдың калталап,
Кызыл көйнөк, айча бел
Кызын олжо бир кылдың.
Ара жерде көргөндө
Айчүрөктөн көп коркуп,
Кокуй Кыяз, чыр кылдың.
Айтылуу Талас жерди алдың,
Аргын, кыргыз элди алдың,
Күлчоро, Бакай дөөнү алдың,
Сандаган тулпар малды алдың.
Сайышка кирсе сан кашка,
Жалпы баары көйкашка,
Эренден мынча шерди алдың,
Кайра тартып кылчактап,
Каччудай мойнуң бурасың.
Чын талашсаң жесириң,
Чымыркансаң өз зайбың,
Катындан коркуп турасың.
Калжырайсың, сен Кыяз,
Сен кимди шылдың кыласың?
Балбанды катын кырды деп,
Кыңкылдап калат экенсиң,
Ээликсе катын минтет деп,
Баатыр, былкылдап калат экенсиң,
Катындан коркуп минтесең,
Каны канкор Семетей
Кокустан келсе кантесиң?
Жоо аяган болобу,
Жолборстун бирөө кайрылса,
Кыяз, жалынсаң жаның коёбу?
Досум, сенин ушул сөзүң болобу?
Жан эмессиң сен Кыяз,
Жарабас кептен саласың,
Каны канкор келгенсип,
Катындан коркуп аласың.
Колуңда турат ой, Кыяз,
Атышка даңгыл эрениң,
Канчоро канкор берениң.
Берениң күүлөп турганда
Берениң Кыяз недериң.
Катыгүн Кыяз, кебимди ук
Каз айланбас карагыр
Зоо эмеспи Канчороң.
Калк чуркурап аша албас
Тооң эмеспи Канчороң.
Менде беттеп баса албас
Жар өзөн, капчал бел элем
Жайнаган кызыл чок келсе,
Эр Кыяз саа от келсе,
Казылган калың ор келсе,
Чымындай жанга зор келсе,
Балаа мүшкүл касаптан,
Кандан келген азаптан,
Кайтарчу чороң мен элем,
Туура достум эр Кыяз,
Душманга бурсам оңобу?
Эсерге сени кабылтып
Эгерде эки боломбу?
Эрикпей сүйлөп сен Кыяз
Эселек акыл табасың,
Эң жаман ой саласың,
Ээ, эсер Кыяз экенсиң.
Эстүүсүнүп каласың,
Олжолосо Айчүрөк
Эки ай, бир ай болгуча
Ээлигип желдешет,
Эчен ай өтүп кеткен соң,
Эт көргөн соң ал катын
Өзүң менен элдешет.
Алсаң Чүрөк катының,

www.bizdin.kg



Табылар күндө акылың.
Көп ойлобо акылды,
Алгын, Кыяз, тилимди ал,
Айчүрөк өңдүү катынды.
Беринин кызы Чүрөктү
Кимдер каалап сүйбөсүн,
Ошондой мөлтүрөгөн дүмөктү!
Кааласаң кайран Чүрөктү
Катын дебей, кыз дегин
Жолун каткан дүмөктү.
Чүрөктөн коркуп ойлонсоң
Ачыгыраак сөзүңдү айт,
Албаймын десең чыныңды айт!
Эр Кыяз сенин айыңдан
Окчонтоюм ок кылдым,
Өз тууганым Семетей
Семетейин жок кылдым.
Бакай канды байладым,
Өчөшүмө тийгенде
Өз тууганым Күлчоро
Оң далысын ойгомун.
Оңолбоссуң сен Кыяз,
Өзүңө олжо берип койгомун.
Таласты турдум жер жайлап,
Туугандан өйдө эр Кыяз
Бир өзүңө дем байлап.
Кебимди уккун, ой, Кыяз,
Келжирек сөзүң кой, Кыяз!
Эр экен деймин мен Кыяз,
Катындан коркуп чуулган
Эселексиң сен, Кыяз!
Алты өзөн бойлой конуштум
Атамдан жакын экен деп,
Арам Кыяз, болуштум.
Айтылган сөздөн бийлеп ал,
Арыслан Кыяз, тилимди ал.
Ал Айчүрөк катынды,
Кызыл көйнөк, айча бел
Кылпылдаган капырды,
Сумсаңдаган долуга
Суук колуңу сунуңуз,
Мелтиреген капырды,
Бегирээк сулуу катынды,
Олжолоп алып туруңуз.
Достум, Жети-Өзөн журтуң көчүрүп,
Белеске чыга конуңуз,
Сиз да бир перизаат алып оңуңуз!
Айтканым акыл билип ал,
Баатырым Кыяз, тилимди ал,
Ободон жылдыз козголдук,
О дүйнөлүк дос болдук,
Ак буудай данын чайнашып,
Ак болот мизин жалашып,
Омуртка бойлой конушуп
О дүйнөлүк болуштук.
Келжиребе сен, Кыяз,
Кезетиң келсе кетмен чап,
Кеңири болсоң элди бак.
Ага, иниңен ажырап,
Кор болгонуң кайсы чак?!
Душманың союп жоготуп,
Зор болгонуң ушу чак,
Башыңа конду дөөлөт бак,
Кыймылдарың ушу чак,
Кызыталак канкордун
Кырандан бузуп айлын ал,
Күн жүздөнгөн зайбын ал!
Таласка сайган багын ал,
Эл бийлеген тагын ал!
Өгөөмү таштап, бүлөөмү ал,
Экөөнү таштап бирөөмдү ал.
Кызыл куйрук нарын ал,
Төрт түлүктүү малын ал,
Э төбөңдөн тийген эр Кыяз,
Төрөң айтты, тилимди ал.
Теңдикке келсе Чүрөктүн
Бийликти берип колуна

www.bizdin.kg



Билимдүү катын кылалы.
Тил албаса Чүрөктүн
Желкесинен оёлу,
Тирүү койбой капырды
Кызык кылып соёлу.
Ордодон кармап алабыз,
Ойронда опсуз салабыз,
Басып кармап алалы,
Балакетти салалы.
Төрөсү өлгөн катынды
Төбөңдөн тийген капырды,
Эри өлгөн катынды,
Ээликкен долу капырды,
Ордосунан басалы,
Түмөн оокат, сансыз мүлк
Түгөтүп чогуу чачалы.
Буласын булап алалы,
Бузукту мыктап салалы,
Булкундаса Чүрөктү
Курмандыкка чалалы.
Кордукту койдой салалы,
Койбой башын кесели,
Акылга долу келбесе,
Ал катындан безели,
Калкына касап салалы,
Бегин бейпай кылалы,
Калтырбай журтту жыялы.
Он жетиден өйдөкү
Кыздан бирди койбостон,
Отуз үчтөн ылдыйкы
Катындан бир тал койбостон,
Жадаалды жаман салалы,
Жабылта жыйып алалы,
Эчен жубан, эчен кыз
Сынчыларга салалы,
Сыртын салса Чүрөктү
Тирүү койбой өлтүрүп,
Түбүнө чогуу жетели,
Бөлөк сулуу кыз алып,
Ордого кирип кетели.
Кызыкты кыйбат салалы,
Кыздан катын табалы,
Кежир болсо Чүрөктүн
Кериштирип кенен саларбыз».
Деп, ошентип, Канчоро,
Эр Кыязга кеп кылып,
Менде айтпаган шер кылып,
Каарланып какайып,
Кайра Кудай дагы уруп,
Канчоро чыкты чамынып.
Ордунан акыл табылып,
Карагандан бүркөлүп,
Кыйкырыгы таш жарып,
Жай-жарагын жайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Касапка кирүүчү журуттай,
Кан ичүүчү эрендей,
Жөн койбочу берендей.
Жаалы кармап, көз жайнап,
Карчылдатып тиш чайнап,
Көрсөң чоро момундай.
Көк адыр бойлой кончудай,
Көрчү болсоң Канчоро
Көрүнгөндү сорчудай,
Чаткал ээлеп конгондой.
Чалышса жанды сойгудай,
Качырганы камандай,
Чамынганы жолборстой,
Чапчышкан аман болбостой.
Комдонгону эрендей,
Кобурашы ар жандай,
Чамынышы чоронун
Эл бийлеген балбандай
Ар борумун карасаң
Адам жутаар зарлардай.
Бөлүнүшү бөрүдөй,
Бөлүшкөндү жегидей.

www.bizdin.kg



Жылмалыгы жыландай,
Кайраты кашат буткулдай,
Бу кара саат куу чоро
Кармашканды жуткудай.
Ар кезгенин шайланып,
Айбалтасын байланып,
Ачка арыслан төштөнүп,
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Болжолун көрсөң Канчоро
Аюу серпчү алгырдай,
Атан төө жечү жар, кырдай,
Канчоро каары ушундай.
Карасаат кутургур
Аңтаң калып далай жан
Акылына таң калып,
Жедигер эри Кыяз кан
Салымдуу экен, шер да экен,
Таалым алып көкжалдан
Далайды көргөн эр экен.
Чын балакет ушу экен,
Өрнөк алып баатырдан
Көнүп калган уул экен,
Мына ошондой Канчоро
Бузулуп чыккан шум экен.
Көрсөң төрөң ушундай,
Кеп сүйлөсө жоргодой.
Сөз баштаса жөн эле
Дарс окуган молдодой,
Жолугушу жолборстой,
Билеги жоон, таш жүрөк
Канчоро жайын карасаң
Бил мүчөлүү бадырек,
Камынса салат чоң дүмөк.
Бул өңдөнүп ким жүргөн
Бузукту кылган Канчоро
Катынга салат чоң дүрбөң.
Өз абасын өлтүрүп,
Калкка калган бир атак,
Буурукмалуу Канчоро
Жесирге кылат чоң чатак,
Сырын алган себеби:
Душмандан бетер ок атып
Тууралaнып кетеби?
Тузуна арам санаган
Туулган адам уулунан
Туура бузук кара саат
Канчорого жетеби?
Өрттөнүп кеткен Канчоро,
Куйкаланган бул чоро,
Өз агасын өлтүргөн
Ааламдан ашкан шум чоро.
Уңгусу болот, учу курч
Оңурайган айбалта
Мизи карыш жалжайган,
Шилтеген жерден кан жайган.
Уңгусу чокмор муштумдай,
Айбалта жөнү ушундай.
Таштан кайра тартпаган,
Талыбай чапса бу балта
Темирден кайра кайтпаган,
Мизин болот улаган,
Тийген адам тим калбай,
Тим жайына кетсин деп,
Адамдын көз жашы менен сугарган,
Жоо кууганда кубанган.
Караңгы түндө шилтесе,
Чычаладай кызарган,
Канга тойсо басылган,
Канга мыктап тойбосо,
Ширендидей дыркырап,
Бетинен каары чачылган.
Сабын алтын орогон,
Сайышпай душман кологон.
Ырас, айкөл көкжалдын
Ылайыктап жасаган.
Муну жасап турганда
Канкор эрдин казына
Арбынырак корогон.

www.bizdin.kg



Айкырып баатыр сунганда,
Айбаттанып турганда,
Бээжиндин каны Коңурбай
Какандын каны кологон,
Каңкоруңдун айбалта
Ал Канчоро капырдын,
Калк бүлдүргөн капырдын,
Каруусу толук баатырдын,
Ал билекте чалуулу,
Калың кара жедигер
Камап айдап, шаштырып,
Көбөш кандын Көктелки
Алчаңдатып бастырып,
Кайраты мыктуу, заары күч
Кабылган эрди шаштырып,
Оозунан чыккан жалыны
Кол учтуктун огундай
Эки көздүн кычыгы
Жору бийдин чогундай,
Муруну буй кат кабындай,
Чыйратылган муруту
Букарлыктын шабындай,
Эки көздөн күйгөн от
Өзөндө өрттүү жалындай
Чылгый балаа Канчоро
Чын кайраты ушундай,
Эки ийни коркоюп,
Эки алпкаракуш конгондой.
Эки бети толтоюп,
Эки даңгыт тойгудай.
Кыймылдаса кыргызды
Кырып-айдап сойгудай.
Чарт-чарт этип кыйкырса,
Үнү ачуу жуукуйдун
Чагылгандын огундай.
Чамасы келбейт ааламдын
Чалышканды соргудай,
Кыял менен болжолу
Кыргызды айдап жегидей.
Кыймылдаса кутургур
Кызыл чалып калган бейм,
Кыялы тоонун сеңирдей.
Айчүрөктүн сарайга
Ал Канчоро күйгүлтүк
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлөк ок атып,
Жаанын огу зыркырап,
Жебенин огу ийилип,
Жетип тийсе сарайга
Жеңекең жандан түңүлүп,
Үркүн-түркүн кол болуп,
Катынды олжо кылууга
Каптап кирди Канчоро
Баштагыдан мол болуп.
Ач айкырык, чуу салып,
Барабан, жезнай күү чалып,
Балпаңга белги урдуруп,
Дүмпүлдөк кулак тундуруп,
Ортосу чалкар бел болуп,
Албан түрлүү эл болуп,
Баштап чыгып келатат
Канчоро берен шер болуп,
Катын жалгыз, берки сан
Кантип күйбөйт чымын жан?
Алдын капка бакырык,
Жазакер үнүн байкаса,
Канчоро кан деп чакырып,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жабыла мылтык ок атып.
Капкадагы жеңенди
Канчоро кан баш болуп,
Камап жатып келгени.
Ордо ичине киргенде
Карма күңдү, карма деп,
Кол-аягын байла деп,
Кордук салып жайла деп,
Айткан тилди албаса,
Айдаган жолго барбаса,

www.bizdin.kg



Талпактай сабап кергиле,
Жазалап ура бергиле,
Кементайды кийгизип,
Кер байталды мингизип,
Таманын тилип туз салып,
Ак бетин тилип курт салып,
Атасы Акун шаарына
Талакатын бергиле,
Салпайтып айдап ийгиле!
Атасы Акун шаарынан
Келдиң эле бу долу
Кер ичик кийип шалкылдап,
Кер жорго минип балкылдап.
Эми кейип барсын шермендең
Кер байтал менен далпылдап,
Тил албаса бейбактын
Куу мамыга мингизип,
Куу байталды мингизип,
Курумшу чапан кийгизип,
Кулжуйтуп айдап ийгиле!
Атасы Акун шаарынан
Келбеди беле бу долу
Керимсел кийип балкылдап,
Боз жорго минип шаркылдап.
Эми атасы кан шаарына
Куруп барсын кара бет
Куу байтал менен далпылдап,
Курумшу кийип шалпылдап.
Акун журту ушактап,
Айласын чогуу келтирсин.
Басып чыккан бажа жок,
Жеңкетай алган жеңе жок,
Учуп эрге тийди деп,
Учмактуу дүмөк, мүшкүл сөз,
Ал эринен айрылып,
Тентип бейбак келди деп,
Акун кан журту чуркурап.
Азыр мындай иш кылсын,
Айткан сөздү кылып бер,
Айдай сулуу Айчүрөк
Айым кылып алалык,
Убадаңды кылып бер,
Ушу сөзгө туруп бер!
Канкор өлдү күйөөңүз,
Катынды эр уул алууга
Ушундай болду жүйөөңүз,
Деген сөз ушул билиңиз.
Кан төгүлтүп эр өлбөй,
Эр Кыязга тийиңиз,
Эр Кыязга тийбесең
Тал-талынан бөлүнөт,
Олоңдой кара чачыңыз,
Кесилет бүгүн башыңыз.
Өлгөн көкжал зоруңуз,
Байланган сиздин колуңуз,
Түгөнгөн сиздин жообуңуз,
Өлбөй-житпей, күн көрүп,
Айткан тилди алыңыз,
Жедигер каны Кыязга
Байбиче болуп барыңыз.
Айткан тилди алсаңыз,
Эр Кыязга барсаңыз
Күн тамаша, күн оюн
Күрдөлүү сөздү билиңиз,
Көөхардан болот үйүңүз,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эр Кыяздан алыңыз.
Катын башаа дедиртип,
Жети-Өзөндө жедигер
Султан болуп калыңыз.
Тул ал, жеңе Айчүрөк,
Жапаа тартып, кор болбой,
Алтыныңды жедирбей,
Олжо катын дедирбей,
Сыйыңыз менен барыңыз.
Ургаачы жолборс шер элең
Айткан тилим алыңыз,
Айткан тилди албасаң,

www.bizdin.kg



Ал Кыязга барбасаң,
Жулунат төбө чачыңыз,
Кесилет кымбат башыңыз,
Угулбай айткан сөзүңүз,
Чукулат эки көзүңүз,
Упарак болот өзүңүз
Ушаланат сөзүңүз!
Уят болуп таланып,
Кор болосуз өзүңүз
Канчоро мындай дегенде
Акундун кызы Айчүрөк
Аны укпаска чара жок,
Айкөлдөн калган бир тукум
Алдейлөөгө бала жок,
Ушундай окшойт дүйнө бок,
Канчоро сүйлөп турганда
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Кирерине жер катуу,
Өлөйүн десе жан таттуу,
Чыркырады тура албай,
Чымындай жанды кыя албай
Эр мүчөлүү эпсиз күң
Муну укпаска чара жок,
Боздоп кейийт Айчүрөк
Артында эркек бала жок.
Ошо кезде Айчүрөк
Эр мүчөлүү байкушуң
Каарланып мустайып,
Каны качып сумсайып,
Ойлонуп акыл таба албай,
Оодарылып куу дүйнө
Алапайын таба албай,
Кайраттанып тиштенип,
Бир эсебин тапсам деп,
Канчоро кан, Кыяз кан
Бирөөнүн башын чапсам деп,
Жакындаса буларды,
Журт бүлдүргөн кууларды,
Кармап ичин жарсам деп,
Ичиндеги кара кан
Суусунга жутуп алсам деп,
Бирөөн кайсап сойсом деп,
Кымыздай жутуп канына
Мыктап туруп тойсом деп,
Куйгөн жүрөк басылса,
Умачтай көзүм ачылса,
Куйүттүн баары чачылса,
Күзгүдөй кабак ачылса,
Болор эле тилек деп,
Канчоро кан, Кыязга
Салсам артык дүмөк деп,
Баатыр катын Айчүрөк
Башкача долу муну ойлоп,
Эстеген ою кеч болуп,
Кезиксе башын алууга,
Кейишти мүшкүл салууга,
Келсе жакын чабууга,
Кылча көрбөй куу жанды
Кылычтап башын алууга,
Тирүү болбой өлөрдө,
Кайра тартпас чын жайды
Кайран жеңең көрүүдө.
Чындашып кыргын кылууда,
Чымырканат бечара
Чымындай жанды кыюуга.
Зордукчу канды көргөндө
Опсуз катын Айчүрөк
Ок жыландай октолуп,
Ажыратып алуучу
Аргын, кыргыз жок болуп.
Жеңекең ойлоп чын жаңжал
Мунун курчаганы көп балбан
Жапаа көрүп жалгыз баш
Бу катында көп арман,
Тегереги көп балбан
Берен жеңең Айчүрөк
Салмак болду чоң жаңжал,

www.bizdin.kg



Акырын сүйлөп бек таштап,
Айдай катын шуркуя,
Эр Кыяз менен Канчоро
Бул экөөнө кеп баштап.
«Кумпайдан тууган кабылан
Кузгундан туулган эр Кыяз
«Курдаш» деп кантип тиемин?
Капаны кантип басамын,
Какшаалга кантип жатамын?
Шумкардан тууган кабылан,
Каргадан тууган эр Кыяз,
Төшүмдү кантип ачамын?
Төшөгүн кантип бастырам?
Бу төбөңдөн тийген Кыязың
Төрө көкжал баатырдын
Төшөгүн басса оңобу,
Төбөдөн тийсе кобобу?
Жана көкжал баатырдын
Жаздыгын баскан оңобу?
Жанынан тийсе кобобу?
Эки тизгин, бир чылбыр
Колума кантип алайын?
Кордук, талаай, чыр көрбөй
Жедигер кантип барайын?
Ала-Тоодой Айкөлдөн
Кантип тирүү калайын?
Элден ушак көп угуп,
Эрке катын Чачыкей
Канчоро тийди деп угуп,
Көөдөн толкуп санаалап,
Көзүнүн жашы талаалап,
Бо карыганда Каныкей
Турган экен Айчүрөк
Каныкейди каралап,
Карында калган баланы
Отурган экен пааналап,
Оюлган бетти жаралап.
Эрдиги кармап, көз жайнап,
Катын жалгыз шор кайнап.
Мына ошондо Айчүрөк
Кыяз канга муну айтып,
Билсең мүшкүл шумду айтып,
Сөз баштаса мындай деп,
Урууда болбойт мындай кеп,
Канчорого мындай деп,
Каны кайнап токтолуп,
Ак арстандай октонуп,
Каралды тууган жок болуп,
Канчорого муну айтып:
«Сураса бербес Буурулга
Чором, суук укурук салыпсыз.
Жалынса бербес Чүрөгүн
Олжо кылып алыпсыз,
Тууганга душман кылыпсыз,
Өа абаңды өлтүрүп,
Өңгөчө чором, тунупсуз!
Агаңа казат баштапсыз,
Алтымыш айым, тул катын
Айылды каран таштапсыз.
Чором, бегиңе бейпай баштадың,
Бек Ала-Тоо аз кыргыз
Жергеңди каран таштапсыз!
Чором, Жылгынды, Кең-Кол,
кең Талас,
Жериңди каран таштапсың,
Жыргалдуу кыргыз, аз аргын
Элиңди каран таштапсың.
Эми кара жаак Зулпукор
Кажытып ийбей ким аштайт?
Калың аргын, көп кыргыз
Капырдан камап ок атса,
Кагыштан тозуп ким баштайт?
Тобокел толгон Зулпукор
Толгондурбай ким аштайт?
Толкуган эчен жоо чыкса,
Ала-Тоо басып жоо чыкса,
Томсоруп турган бу журтту
Тос-тос кылбай ким баштайт?

www.bizdin.kg



Тоодой абаң өлтүрүп,
Белге кеткен экенсиң,
Томуктай акыл сенде жок,
Ордолуу журт, көп кыргыз
Элиңди салып тозокко
Селге кеткен экенсиң!
Ойлосоң жаңжал ушундай –
Алты күлүк ат менен,
Алакандай кат менен,
Адыр-күдүр бел менен,
Адамдар баспас чөл менен,
Караңгы эмес, түн менен,
Улутуңга, Дыңшага,
Чородон канкор болду деп,
Кеп угулса мынчага
Калдайчынын канына,
Каканчынын шаарына,
Кулак угуп, көз көргөн
Кыймылдуу журттун баарына
Кан атганып жол жүрүп,
Аскер толуп конбойбу?
Аленгир жаа, чуу болуп,
Кан талоосу болбойбу?
Калың эл келсе кужулдөп,
Канчором, сени сойбойбу?
Тобуңа тозок салбайбы?
Токтотпой кырып салбайбы?
Уу ачытаар күбүңө
Урушуп түмөн жоо келсе,
Жедигер каны эр Кыяз
Сенин кошо жетер түбүңө.
Кызыталак жуукуй кул,
Теги акылың жок экен,
Кыр жагында Кытай бар,
Оң жагында орус бар,
Маңдайлашаар бараң бар,
Басташкан душман далай бар.
Таластан чабар айлыңды,
Кармашканың Каканчы
Талкалар сенин дайныңды,
Олжого тийип бээңди,
Жайната чаап мээңди,
Чыгарар эчен кээңди,
Жалынсаң укпай кебиңди,
Жалдырап жанып, чок болгун
Кулжуңдаган кутургур
Кудай тапсын эбиңди.
Айкөлүмдүн барында
Алтыным болду көмүрчөң,
Айылды буздуң семирсең,
Күмүшүм болду көмүрчөң,
Күйгүлтүк салдың семирсең.
Теңиз төрөм барында
Тең кулуң кармап жедиңби?
Теги бузук кутургур
Теминише келгенде
Тең тууган болом дедиңби?»
Күйүп-жанып Айчүрөк
Каарланып күүлөнүп,
Канчорого сүйлөнүп,
Нускалуу мүшкүл кеп баштап,
Ушундай деп жеп таштап.
Калдайган кара башында,
Энеси Каныкей шордуу кашында,
Кандуу бети жыртылуу
Олондой болгон кайран чач
Омуроого жайылуу
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Өйдө-ылдый карабай,
Өлүмдөн жанды аябай,
Кыргыңды бейбак баштаптыр.
Кыйын шерден айрылып,
Кызыталак куу жанды
Кылга байлап таштаптыр.
Семетейдин Айчүрөк
Дууга кирип алыптыр,
Айыкпай турган чоң жаңжал

www.bizdin.kg



Чууга кирип алыптыр.
Жедигердин Кыязда
Камдалуу турган сан балбан
Каралуу катын Айчүрөк
Карасаң кылды чоң жаңжал,
Шамдагайы болжолсуз.
Шапа-шупа бейтаалай
Кылычты кындан алыптыр,
Арыландай чамынып,
Кайыптан акыл табылып,
Каарланып көз жайнап
Кан иччү түрү бек кармап,
Эрин чайнап, тиш кайрап.
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган бейтаалай
Опсуз болот Зулпукор
Оңдоп кармап аларда,
Ок жыландай октолуп,
Канчорону чабарда,
Кыя тартып кылычты
Кыйын шилтеп саларда,
Басыгы бузук, тузу арам
Бадиректи соёрдо,
Өрөпкүгөн кутургур
Өлүм кылып коердо,
Каралуу катын Айчүрөк
Кан качырып чын жаңжал
Ал Канчоро капырдын
Курчаганы көп балбан.
Эми шилтеп саларда,
Алмадай башын кагарда,
Балбандар түштү арага.
Эмилдин уулу Эжибай
Эпсиз балбан ал эле,
Кара чечен жөө күлүк
Канчоро кулдун жанында
Төө балбан деген бар эле.
Эжибай менен Төө балбан
Экөө тозуп калганы.
Мунун эри канкор, эпсиз күң
Экөө турмак жетөөнүн
Кылычтап башын алганы.
Кудай бетин көргөзбө
Сарайдын ичи чаң болуп,
Капканын оозу кан болуп,
Айчүрөк жүрөт булайып,
Камап кирген балбандар
Кандын тилин алчуулар,
Чүрөккө каршы барчуулар,
Кулап жатты тырайып.
Эптүүсүнгөн эр балбан
Денесинде башы жок
Кулап жатты сырайып,
Жесир катын Айчүрөк
Жылгын, Талас баткалда,
Ордону талап жатканда,
Жесир катын Айчүрөк
Калдай башын туу кылып,
Жедигер журтун чуу кылып,
Катын башын эр кылып,
Жер жайнаган жедигер
Кара жер менен тең кылып,
Курчаганы көп балбан
Курган катын Айчүрөк
Жеңекең салды чоң жаңжал,
Тажаал катын экен деп,
Акылынан шашышып,
Ыраактадан жеңенди
Айза менен жанчышып,
Жеңекең жалгыз байкушуң
Ошо болгон жаңжалда
Эр Күлчоро, Акжолтой
Каралды эки каны жок,
Байгамбар Бакай бабам жок,
Эр Сары кан абам жок,
Качып кирүүчү токой жок,
Кара кылган ногой жок.
Жалгыз катын Айчүрөк

www.bizdin.kg



Жаңжалдашып турушуп,
Олжого бербей куу башты
Опсуз жерге урушту
Жараткан чийсе, мүшкүл иш
Көтөрбөскө чара жок.
Уйпаланган алакчы
Ушундай болор дүйнө бок!
Белестүү кара бели жок,
Кулжуңдашып булкушуп,
Олжо алуучу оюлгур
Арамдар менен жулкушуп,
Тутанышып жатканда
Кең-Колго курган багы жок,
Ба, керилген кыргыз дагы жок,
Ба, Таласка курган багы жок,
Ба, таалайлуу кыргыз дагы жок!
Эрен жеңең Айчүрөк
Эсинен кетип кайгырып,
Эри менен элинен
Эчкирип шордуу айрылып,
Жер жайнаган жедигер
Желигип каптап турганда,
Жөөңөңди олжо кылганда,
Жеңең жалгыз, берки сан,
Катындан чочуп Кыяз кан
Каарланган кармашта
Эселек кан чоронун
Этегинен алыптыр.
Жеңең салып чоң жаңжал
Арага түшүп көп балбан,
Бир өңүрүн какшаалдын
Кесе чаап салыптыр,
Карма балбан көөнү деп,
Катынында калк бурган
Кара бет долу жеди деп,
Жаралуу каман оңбойт деп,
Канчоро жүрөт бакырып:
«Жаныңды тирүү койбойт» – деп,
Кайраттуусу Канчоро
Балбанды сүрөп камынып,
Капталынан эр Кыяз
Кутургур турса чамынып,
Жеңекең жалгыз, берки сан
Катын байкуш канетет,
Кайдан жетет буган ал.
Жети бөрү бир койду,
Таласа тарпын коебу,
Жедигер каптап катынды
Сабаса тарпын коебу?
Ордосун талап, кор кылып,
Эр Семетей төрөңдү
Чактысын жаман кетирди
Жалгыз катын жеңеңдин.
Каарланып умтулуп,
Зулпукор колго аларда
Балбандарга башкача
Жана кыргын саларда,
Уңгусу болот айбалта,
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Камбыл Кыяз жеткени,
Орто белден болотту
Үзө чаап өткөнү.
Айдай катын Айчүрөк
Алты күн тынбай аралап,
Жети жерден жара жеп,
Жети күн тынбай аралап,
Жети жерден жара жеп.
Ак эмчектен кан кетип,
Аппак катын Чүрөктөн
Чамаа чарчап, ал кетип.
Эрбеңдеген баатыр кол
Көтөрүлбөй шал болуп,
Кырмызы көйнөк, суп бешмант
Куурулган кара кан болуп,
Кызыталак куу дүйнө
Жан батырбай тар болуп.
Беризаада Айчүрөк

www.bizdin.kg



Беренинен айрылып,
Жеңекең минтип кор болуп,
Өткөн өмүр, зор канкор
Бир көрүүгө зар болуп.
Жедигердин баарысы
Жеткилең балбан табышы,
Ыктуу көргүс балбаны
Теңиз женең байкушту
Тегеректеп калганы.
Колу-бутун бекитип,
Айдай катын Чүрөктү
Жедигер байлап калганы,
Торала жорго мингизип,
Күлдүү торко кийгизип,
Жеткилең жары ушу деп,
Кудайдын кошкон тушу деп,
Далай баатыр капыр деп,
Алуучу жесир катын деп,
Чарадай алтын бөлүшүп,
Мөлтүрөгөн Чүрөктү,
Беризаада дүмөктү,
Эр Кыязга беришип,
Мөңкүсө үзүп чыга алгыс,
Торго кетти Айчүрөк,
Жедигер ээси эр Кыяз
Зорго кетти Айчүрөк,
Өксөп-ыйлап Чүрөктүн
Аркалап минер буудан жок,
Ажыратар тууган жок.
Бел байлаган белинен,
Канкордон калган мураапы
Ажырап Талас жеринен,
Айрылып кыргыз элинен,
Жедигердин эр Кыяз
Кызыл куйрук билди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Айчүрөктү баш кылып,
Эң сулуудан миңди алып,
Ордо бузуп, олжо алып,
Ойлосо мынча жан алып,
Ар бир эптүү жедигер
Алты миңден ат алып,
Эң бир эсер ачары
Алты жүздөй ат алып,
Алтын менен күмүштү
Жүктөй албай турду эле,
Агача келин, сулуу кыз
Үптөй албай турду эле.
Көңүлдөрү жай болуп,
Жети-Өзөн толгон жедигер
Ар тилеги бар болуп,
Агыштын уулу эр Кыяз
Жедигерде кан болуп,
Калык башкарып, журт сурап,
Ар кызыкты көрдү эми,
Семетейдин көп дүйнө
Камчыга ченеп бөлдү эле.
Туурдугу май болуп,
Тушуккан Кыяз кан болуп,
Эр көңүлү жай болуп,
Салынуу коргон там кылып,
Семетей, Бакай, Күлчоро
Бул үчөөнү жай кылып,
Канчорону Таласка
Калк башкарган кан кылып,
Журт чуркурап, эл дүрбөп,
Ал Канчоро баатырга
Адам тапкыс ой кылып,
Канча бир күнү той кылып,
Алтын таажым кийгизип,
Алтын такты мингизип,
Аргын менен кыргыздын
Үстү менен жүргүзүп,
А Канчоро баатырың
Семетей атын жойдуруп,
Канчоро атын койдуруп,
Кайкалаган каракыр
Канчоро кандын бели деп,

www.bizdin.kg



Аргын, кыргыз букара
Канчоро кандын эли деп,
Капка менен Кан Жайлак
Канчоро кандын тоосу деп,
Кара-Буура, Чоң-Чаткал
Канчоро кандын оозу деп,
Такка минген Канчоро
Эр Кыяз менен бул экөө
Олжо бөлүп коюшуп,
Акбоз бээден союшуп,
Жыкпай туруп ал бээни
Тургузган бойдон чалышып,
Бээден кара кан чыкса
Антка колун малышып,
Удурандап бу куулар
Убада кылып салышып,
Убаданы бек кылып,
Адам өлөр шерт кылып.
Доосун бирге доолашка,
Канчоро менен Эр Кыяз
Жоосун бирге жоолашка.
Жети-Өзөндөн Кырка-Таш
Кыдырата сен консоң,
Кең Таластын Капка-Таш
Кашатын бойлой мен консом
Бармактуу адам батпас деп,
Бирликти койсок бир жерге
Суук боор каптап кирбес деп,
Бизге суурулуп душман тийбес» –
деп,
Кол кармашып эки дөө
Макул, макул – деп,
Мындай сөзгө турбастын
Жети атасы капыр деп,
Ак буудай данын чайнашып,
Келжирешип бул экөө
Келеме шарып кармашып,
Чыбык кыркып, кеп кылып,
Адам качкыс шерт кылып,
Жети-Өзөндө жедигер
Жер жайнаган көп элди
Жетигим, сенден аябайм!»
Деп, ошентип, эр Кыяз
Айбандан кала берейин,
Тоотору тулпар малымды ал,
Кулдукка тиктеп кааласаң
Айбайын жанымды ал!
Айланайын Канчором,
Экөөмдү коюп, бирөөмдү ал,
Өгөөмү таштап, бүлөөмдү ал!
Жети-Өзөн тайпак жеримди ал!
Менин жедигер өңдүү элимди ал!
Кыпкызыл куйрук билимди ал,
Кыйнабай жаным, тилимди ал!
Мен бир кыйын сөз айттым, билип ал!
Бере, аргын менен кыргызың
Бу жагына сак болчу, эй!
Бурмасы турат сөзүндө,
Достум, бу журтуңдун
Бузугу турат көзүндө.
Чубатууга чуулатып,
Салсак кантет бул элди?
Эренин кырып калтырбай,
Достум, салсак кантет бу журтту?»
Эр Кыяз айтып мындай кеп,
Кампай турган Канчороң
Чочуп кетти мындай деп:
«Бул айтканың кандай кеп?
Жылгынды, Кең-Кол, Таласты
Ором десем оромун,
Сором десем чуулатып,
Ажыдаардай лоп тартып,
Калтырбай калкын соёмун.
Кыйын жиним кармаса,
Кыл таштабай бу журтту
Кыргын кылып коемун,
Каарланып бакырсам

www.bizdin.kg



Качып-үркүп бу журтуң,
Капкайда үнүң угулар,
Атырандап чамынсам,
Ат атынан жыгылар.
Чапчышарга чама жок,
Чалыша турган күчү жок,
Кыйкырсам журтта жаны жок,
Журт дүрбөтүп, эл бузган
Сары кан, Бакай каны жок.
Кыймылдабайт ушу журт
Кырылган итче саны жок,
Чапчышаарга чаркы жок,
Күрөшөөргө күчү жок,
Алыша турган алы жок,
Бакырыгым укканда,
Жоосун коюп жорголор,
Ачуулансам ушу журт
Үй-үйүнө корголор.
Каарланып бакырсам,
Калбай теги жүрөгү
Калтаң уруп баршташат,
Малы түгүл жанынан
Кечип ие таштташат.
Достум, Кыяз, угуп ал,
Улугум айтар мунум бар.
Кечээ, Жылгынды, Кең-Кол оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Кара-Буура, Баткалда,
Кечээ, кайкалап кыргыз жатканда,
Адырга конуп жер жайлап,
Аргын, кыргыз бээ байлап,
Конуп алган кезинде,
Күндүзү шапар, түнү оюн
Болуп аткан кезинде,
Эриккен элик атканда,
Эрикпесе ушу журт
Кечээ, элкин ойноп жатканда,
Кымыз ичип кызышып,
Чекеден терди сызышып,
Арак ичип алганын,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Таласта турдук алкынып,
Жологон жоого талпынып,
Ташты бузуп, жол кылып,
Далай жерди кор кылып,
Камап турган кезинде,
Кабарында бар беле,
Белди бекем бууганбыз.
Бээжиндин каны кытайдан
Бере, Манастын кунун кууганбыз,
Кара-Суунун боюнан,
Каспан-Тоонун оюнан,
Кең-Дыңшанын четинен,
Кең-Норконун бетинен,
Кардуу Ала-Тоо оюнан,
Каркыранын боюнан,
Үкүрчүнүн оюнан,
Үч-Капкактын чатынан,
Айгыр-Жалдын астынан,
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган.
Калдайдын уулу капырды,
Алтымыш жайсан кенжеси
Калдайдын уулу капырды,
Кан Коңурбай баатырды,
Телкүрөң менен теминип,
Кан манжуурга жеткемин,
Манжуу каны Эзкара,
Кечилдин каны Коңурбай,
Көмө коюп өткөмүн.
Басып башын кыйгамын,
Көөдөк эрдин алдына
Тартуу кылып тургамын.
Аңгеме чуу курадым,
Жамгырчынын Акбала
Оймок ооз, бото көз
Келеңкер соору, кең чачпак

www.bizdin.kg



Келберсиген жалжал көз,
Ургаачынын узу эле.
Жамгырчы кандын кызы эле,
Кааласа кадыр түн эле,
Кызмат кылган чорого
Жеңекең маа тийүүчү күң эле.
Атанын кегин алды деп,
Чапчышканы Коңурбай
Чалкасынан салды деп,
Жамгырчынын Шайымбет
Акбала ашык сулууга
Жекейбоз торко кийгизип,
Желбеген жорго мингизип,
Ал торконун этегин
Кең кылып жерге тийгизип,
Маралдай болуп торолгон,
Башына чачы оролгон,
Бугудай болуп торолгон,
Бутуна чачы оролуп,
Себи жетип себилип,
Ак маралдай керилип,
Айтар сөздөн эринип,
Антип турган бейбакты
Кеңеш кылып көрбөстөн
Канчоро маа бербестен,
Канкорду Кудай урганда
Эл дүрбөтүп, калк жыйып,
Алмамбет уулу чорого
Ал Акбала сулууну
Алып ике кыйганда,
Күлчорону шер кылып,
Күйгүзүп мени кем кылып,
Кайгыны каршы баштады.
Мелтиреген сулуудан,
Өзүм билген курбудан,
Достум, Кыяз, угуп ал
Ушинтип куру таштады.
Акбалага тең болбой,
Ааламды бузбай кем болбой,
Катындан куру калгыча
Кара жер менен тең болбой,
Каарланып сабылдым,
Манастын уулу көөдөктүн
Мунусуна таарындым.
Эр өлтүрүп, журт чачып,
Өтөйүн деп жүргөмүн,
Жети-Өзөндө эр Кыяз
Эр экен деп мен сага
Кетейин деп жүргөмүн.
Бир түбүнө канкордун
Жетейин деп жүргөмүн.
Айтсам далай кебим бар,
Бир жолу эмес, миң сапар
Кара жолтой канкордон,
Калк бүлдүргөн анткордон,
Кадырым калган жерим бар,
Кытайга казат кылганда,
Таш сайынган кытайдын
Тазасын кармап сойгондо,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсүн айдап кырганда,
Жамгырчы кызы Акбала
Шайымбет тартты, биз алдык
Кожо, молдо жыяр деп,
Бизге ике кыяр деп,
Тилек кылып турганда,
Өрөпкүгөн ал анткор
Деген сөзгө көнбөстөн,
Акбала бизге бербестен,
Кулчорого бергенде
Ич өрттөнүп, чок болгон.
Топ бузар мыктуу эр болбой,
Акбалага тең болбой,
Күйүп-жанып өрттөнүп,
Анда көөнүм бир калган,
Агача келин ак Сайкал
Олжо кылыл жыйгыла,
Ары келин жесирин

www.bizdin.kg



Акбала маа кыйгыла.
Өктөм кылган катынды
Өзүм токол кылайын,
Көөнүн маа бербесе,
Айткан сөзгө көнбөсө,
Кементайды кийгизип,
Кем кулдукту билгизип,
Кой артына салайын,
Отунчу, суучу кылайын,
Мүшкүл салып кыйнайын,
Тирүүлөй жашын сурайын.
Көөнүн берсе долуну
Капанын баарын жоеюн,
Мелтиреген бейбактын
Атын артык коеюн.
Тийген айдай көрүнтүп,
Тиктеген көөнүн бөлүнтүп,
Өктөм кылган катынды,
Өңгөчө сулуу капырды,
Сапсалгалуу сары ачкыч,
Жалаң алтын баары ачкыч,
Көнчөгүнө тактырып,
Көлөкө жерге бактырып,
Эл дүрбөтүп жыяйын,
Эрке катын кылайын.
Калык дүрбөтүп жыяйын,
Кара көз катын кылайын,
Көөнүн берсе ал катын
Тоюна токсон сойдурам,
Атын Айым койдурам.
Ордосун бөлөк жасатам,
Ар ордонун түндүгүн
Көөхар, жакут жардырып,
Түндүгүнө салдырып,
Келинге мындай иш кылам.
Тил албаса ал катын
Малчыларга сабатып,
Койчуларга талатып,
Бутуна чокой кийгизбей,
Этегин жерге тийгизбей,
Жаанда төө айдатып,
Күйгүзүп көзүн жайнатып,
Күңдүн күңү кылбасам,
Кыйнап жанын кыйбасам,
Канчоро болбой өлөрмүн,
Туулбай туна чөгөрмүн!
Бу Семетей баатырдын
Элин кыйнап топ кылам,
Энесин кыйнап жок кылам,
Өйдөлөрүн кырбасам,
Өрт өчкөндөй кылбасам,
Каарланып какайсам,
Каарыма чыдабай,
Кара таш талкан болбойбу?
Берениң Канчоронун
Ачуусуна тийгенде
Аалам талкан болбойбу?
Каарланып какайса
Кылымды кылдай сорбойбу?
Каарланса минтеби,
Ачуум келип айкырсам
Ай-аалам журт түтөбү?»
Деп, ошентип, Канчоро
Кең көйнөктүн тазасы,
Кең көйнөктүн башаасы,
Берен энең долуну
Канчоро кандын алдында
Кызмат кылган балбаны
Кынжылалуу баарысы
Кыйын экен каруусу
Баары кашка балбаны,
Балбандын бирөө бошонсо
Адамдын чыгып далдалы,
Мурункусун сурасаң
Семетейдин балбаны,
Эндигисин сурасаң
Канчоро кандын балбаны.
Кырк бир экен санаты,

www.bizdin.kg



Кайсы киши кан болсо,
Кара жолтой балбандын
Ошого бармай адаты,
Канчоро канды кан кылып,
Калган экен кырк балбан,
Ал деренди бөрүдөй
Жарган экен кырк балбан,
Көз келгенди мент кылып
Турган экен кырк балбан,
Каның айтса калайман
Салган экен кырк балбан,
Айт! – деренди бүркүттөй
Алган экен кырк балбан,
Эл дүрбөтүп, журт кырып,
Калган экен кырк балбан,
Кашка кылса камандай
Чалган экен кырк балбан,
Арбак уруп ант сайын,
Калган экен кырк балбан.
Кыргыз журтка татыды
Канчоро кандын атагы,
Кылым журтка татыды
Кырк балбандын чатагы.
Айт дегенде кыйт коюп,
Турган экен кырк балбан,
Уу дегенде чуу койгон
Урган экен кырк балбан,
Канчоро кандын колунда
Турган экен кырк балбан.
Атаңдын көрү, кырк балбан,
Кыйлага салды чоң жаңжал.
Ба, карыганда Каныкей
Касыеттүү долуну,
Карасурдун сулуусун,
Ургаачынын урлуусун,
Узун чачтын ыктуусун,
Зайыпзаттын мыктуусун,
Кордукту салып төрөңө
Азапты артык көргөзүп,

Каныкей шордуу энеңе.
Энеси эмес мекеси,
Белгилүү канкор төрөсү,
Беш аркар жылдыз баткыча
Беш кайра жол эмизген,
Байтал бээни сойдуруп,
Байтал бээнин бал казы
Тиши менен оргузуп,
Тили менен соргузуп,
Кичине жанын чоңойтуп,
Жаман жанын оңолтуп,
Өчөрүндө тамызып,
Өлөөрүндө тиргизип,
Көтөрүп багып зор кылып,
Сексендеги Каныкей
Канчоронун энеси
Ушинетип бактырган,
Семетей көкжал төрөсү.
Картайганда Каныкей
Ордодогу кемпирди
Опсуз кордук салыптыр,
Кан алдына кырк балбан
Жумшачу күңү мына деп,
Алып жетип барыптыр,
Каарланып какайып,
Каныкейди көргөндө
Өрттөй көзү жайнады,
Кан ичмеси кармады,
Каалгадай кашка тиш
Калайыктан башка тиш
Бөлө-бөлө чайнады.
Канчоронун оозунан
Көк жалын күйдү буркурап,
Ботосунан айрылып,
Карыган катын Каныкей
Боздоп турду буркурап,
А Каныкей шордууну,
Балбандарга талатып,
Баатырына сабатып,

www.bizdin.kg



Кордук кылып турганда,
Адам көргүс чоң мүшкүл
Зордук кылып турганда,
Тирүү адам байкап көрө алгыс
Чоңдук кылып турганда,
Байкуш энең долунун
Ар качандан бир качан,
Ар убактан бир убак,
Маңдай сөөгү кайкы эле,
Баатырдын көзү жумулса,
Күн көрөрү тайкы эле.
Кежиге чачы чөп эле,
Жыргалынан жыласы
Нар көтөргүс көп эле,
Кежиге чачы өр болчу,
Жыргалынан жыласы
Айза бою шор болчу.
Күңгүрөнүп Каныкей
Күл ботолоп буркурап,
Кан жардыгы ушу деп,
Буйрук алган кырк балбан
Көкбөрү тартты чуркурап,
Кабырга сөөк, кайран бел
Балбандардын колунда
Быт-чыт болду быркырап,
А дээрине ал кетип,
Ээ дээрине эс кетип,
Энекең ыйлайт чыркырап,
Аны көргөн букара
Аргын, кыргыз кайран журт
Кейип ыйлайт чыркырап.
Каныкей энең көргөндө
Кайың ыйлап, тал ыйлайт,
Караган жандын баары ыйлайт,
Кычыраган эр ыйлайт,
Кыжылдаган көп ыйлайт,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлайт:
«Энеси эле Каныкей,
Баласы эле Канчоро, эй.
Бузулду го көргөн түш,
Энесин мынча кор кылган
Кылымда болбойт ушу иш!
Кара нээт кандай жан,
Калк бага албайт мындай кан.
Энесин тартты көкбөрү
Эми кетти биздин ал.
Ботом, энесин минткен бачагар
Кайра такка мине албайт,
Айзасын кармап имерет
Кара нээт кул экен
Калкты бузуп жиберет.
Дүмөктү түп-түз баштайт ко,
Кыймылдаса бу журтту
Кыргын кылып таштайт ко.
Кылт дегенди аябай
Ботом, кыргынды кызык салат ко!
Жадаал салса жадаал ит
Кылт дегендин баарысын
Кыргын кылып салат ко,
Эби жок эсеп оёт ко,
Энесин минтип бачагар
Эч бир канды аябас,
Булук салып, чыр баштап,
Ушу журтун баарысын,
Жашы менен карысын,
Жаңжал кылса соёт ко,
Жана жини кармаса,
Кылча койбой бар талды
Кыргын кылып салат ко.
Кыргыздын баарын чачат ко,
Кыйкырып мүшкүл жоо келсе,
Ботом, кыргыздын бетин ачат ко.
Бу кызыталак Канчоро
Бузукунун өзү экен,
Жаңжалдын кара көзү экен.
Жан өрттөрдүн өзү экен,
Күрдөөсүн таппай жер бузат,

www.bizdin.kg



Күтө албай, чачып эл бузат,
Канкордой калыс жан эмес,
Эселек экен Канчоро
Бу эл башкарчу кан эмес.
Тим сүйлөшү заар экен,
Канчоро эмес жөн эле
Чын Кудайдын каары экен,
Чалгырты кара түн экен,
Эл бузултуп, журт бузчу
Дүмбөкүнүн бири экен.
Көзү чекир чаар экен,
Адамдын жеткен каары экен.
Бузуктугу, иттиги
Бир адамча бар экен.
Ушунун башын албаган
Тыйпыл кылып чочкону
Тындым кылып салбаган,
Кабылан султан, канкор шер
Адал бейил, ак кыял
Чын көөдөгү бар экен.
Качан болсо бу чоро
Бузукту мурда ойлоптур,
Буттайын бузуп ийсе да
Буудан төрө эр канкор
Бузду экен деп койбоптур».
Деп, ошентип журт чуулап,
Ачык айтар бетиби?
Шыбырашып сүйлөшүп,
Шыпшынышып турушуп,
Кулакка каар угулуп,
Кайыр айткан бир жан жок,
Баштары жерге тыгылып.
Чымындай жанды кыйнашып,
Каныкей көрүп ыйлашып.
Кыдыр чалган байбиче
Кыйын журтка сынаакы,
Бабаыз Манас көкжалдан
Белекке калган мураапы.
Кыргызга Кадыр түн эле,
Касиеттүү жан эле.
Алтын жатын казына
Аргын, кыргыз кайран журт
Баана кылган жан эле
Ушу Таластагы кыргызга
Каргылуу кара мөмө эле,
Ай, жарыктык байбиче
Калың журтка эл эле,
Чылка казы, чылка май
Бүткүл журтка эне эле.
Калык баспаган өзөндүн
Жол болгонун карачы,
Калайык журттун энеси
Кор болгонун карачы!»
Журт чуркурап, эл кейип,
Кудайга үнү угулуп,
Атыш кылып кайран журт
Ажыратар чамаа жок,
Баш-башы жерге тыгылып,
Кайраттуусу, эрлери
Энеңди карап тура албай,
Кырынан кыйрап жыгылып,
Кайраттуусу шерлери,
Энеңди байкап карады.
Калган журттун баарысы
Качып, үркүп тарады.
Карчылыкты, зордукту
Канчоро кан баштады,
Калк чуркурап, журт дүрбөп,
Калган элдин кыйласы
Бардык малын башынан
Аша кечип таштады.
Айбатын салып Канчоро
Каарды катуу баштады,
Калк элендеп, журт дүрбөп,
Таластан кыргыз каарынан
Үркүп кете таштады.
Мына ошондо Канчоро
Жарлык кылды жанына,

www.bizdin.kg



Жар чакырды кутургур
Балбанын баарына.
Буйрук кыла баштады:
«Карыган кемпир долунун
Көчүгүн жерге тийгизбе,
Көрсөң дүмөк чыр салып,
Көп жыргалга киргизбе.
Эртең менен кемпирди
Чылгый катуу терини
Укалатып тиштеткин!
Күн батканда мастанга
Калмактардай бийлеткин.
Түн өтүп күндүз болгондо
Чанач арткын жонуна,
Ийрек бер эки колуна,
Ташка сал минтип шоруна.
Азапка салып моминтип,
Кыйла кыл мүшкүл коркокту,
Тапкыла кысыр эмди торпокту,
Өлөр жерин камдаңар,
Эки кысыр торпоктун
Ортосуна байлаңар!
Тездик менен өлтүрбөй,
Кордук менен өлтүрүп,
Капырды минтип жайлаңар!
Жылкыда тулпар ала баш,
Аргын, кыргыз аралаш.
Кеч киргенде бу долу
Бир адамга көрүнбөй
Тайган иттей желбесин,
Журтту буза бербесин,
Кайнардын кара көзүнө,
Как чынардын өзүнө,
Кырк аркан бою чоң зындан
Чукуп орун алгыла,
Кеч киргенде кемпирди
Ошол орго салгыла!
Күндүзүндө кемпирди
Ордон сууруп камдагын,
Кысыр эки торпокко
Белинен чие байлагын!
Байлагыла бекитип,
Баса турган жолдорун
Казгыла калың орлорун,
Кайнаткыла капырдын
Капкайдагы шорлорун!»
Деп, ошентип, Канчоро
Жарлык кылса кырк балбан
Бөрк ал десе, баш кескен,
Кан төк десе, жин төккөн,
Суу ич десе, уу ичкен,
Кырк балбандын баарысы,
Адамдан артык каруусу
Кымбат кылыч анысы,
Кыргын тийген немедей
Канчоро үнү чыкканда
Кыйрап кетет баарысы
Айтканын кылбай калбады,
Эки кысыр торпокко
Белинен чие байлады.
Кордук кылып энеңе,
Мүшкүл кылып тургуча,
Айтып оозун жыйгыча,
Андай-мындай дегиче,
Күлчоро зайыбы Акбала
Күйүп-бышып жүгүрүп,
Алтымыш нар, кырк тайга
Сатып алган ак тинте
Кынынан сууруп камынып,
Кыямат кеткен бабаңдын
Арбагына жалынып.
Ургаачынын узу эле,
Жамгырчынын кызы эле,
Адамдан бөлөк дайыны,
Ал Күлчоро зайыбы
Ушакчыдан кеп угуп,
Улук энем кемпирди
Уйпалап салды деп угуп,

www.bizdin.kg



Олжо кылып Чүрөккө
Кордук кылды деп угуп,
Картайганда Каныкей
Энеңдин эбин кетирип,
Зордук кылды деп угуп,
Чыңырып ыйлап Акбала
Чын балакет баштаптыр,
Чымын жанды бечара
Өлдүм деп кечип таштаптыр.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Чыңырып ыйлап жүгүрүп,
Кабырга сөөк бөлүнүп,
Катуу мүшкүл, чын өлүм
Курган башка көрүнүп.
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган бейтаалай,
Чымын жанды аябай,
Келеңкер соору, кең чачпак
Келишимдүү бейтаалай
Кырк балбанга келди эле,
Кордуктагы Каныкей
Энекесин көрдү эле.
Күйүп-жанып өлө албай,
Так алдында ордодо
Казып койгон ордукта,
Канчоро салган кордукта,
Артык дүмөк жаңжалга.
Акбала кирди жаңжалга.
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө кынап түйүптүр,
Күлчоронун чарайна
Төбөгө баса кийиптир.
Башкача күлүк боз кунан
Байтал бээнин кулунун,
Туулган жылкы куюнун
Кең көйнөгү шымданып,
Жайдак ыргып миниптир.
Боз кунан менен ойнотуп,
Балбандардан жетөөнү
Жыга чаап сойлотуп,
Кешигин кенен жедирип,
«Келин ай, кулдук» – дедиртип,
Айдап кирди Акбала.
Жакын келген балбанын,
Жара тартып канжарлап,
Жайлап кирди Акбала.
Кымбат балбан карысы,
Катындан качып баарысы,
Кыргын тийген немедей
Кыйын качып анысы.
Дарбазалуу ордого,
Чачыкейдин коргонго,
Кандык тиккен багына,
Канчоро кандын айлына,
Антаңдатып балбанды
Айдап кирди Акбала.
Ар кайсысын окшойтуп,
Жайлап кирди Акбала.
Келинден кордук көрдүк деп,
Кээ бирөөбүз өлдүк деп,
Катындан кордук көрдүк деп,
Кай бирөөбүз өлдүк деп,
Качып балбан кириптир,
Антаңдап балбан киргенин
Ал Канчоро билиптир.
Билип алып Канчоро
Тагынан түшүп түйүлүп,
Капкадан чыкты жүгүрүп,
Элтең уруп Акбала
Балбанды айдап бечара
Капкага камап барганы,
Асты жактан кампайып,
Каршы алдынан өрттөнгүр,
Куйкаланган кутургур,
Канчоро чыгып калганы.
Канчорону көргөндө
Кайран катын Акбала,
Каарды катуу баштады,

www.bizdin.kg



Капка оозунан Канчоро
Канжар менен өпкөгө
Кагып кете таштады.
Айкырыгы таш жарып,
Канчорого жетерде,
Эми жетип чорону
Ойрон кылып өтөрдө,
Камбыл экен Канчоро
Кара кылдан тактырган
Душманга ченеп бактырган,
Темирин кобул сомдогон,
Бөрү тилдеп оңдогон,
Шашса колдон таят деп,
Сары жезден чырмаган,
Чыбык тийсе чың этип,
Добулбастай ырдаган.
Опол-Тоонун түбү ыргай
Түбү менен жулдурган,
Балбандарга бурдурган.
Сабын мыктуу кылдырган,
Кобулу ачык жерине
Тарамыштан түшүргөн,
Өтө мыктап кармоого
Желимге чылап ичирген.
Бил терисин каптаткан,
Жоого арынап саптаткан.
Канчоро кандын айзасы –
Мыктуу экен мынча айласы.
Жоо бөрүсү камбыл кул
Мурунтан жоого көп кирип,
Кабылан көкжал барында
Канчаны көргөн даңгыл кул,
Айза ишине ыктуу кул,
Ар неменин айласын
Артык тапкан мыктуу кул.
Кырга темир жез айза
Кыска кармап туруптур,
Сүбөөнүн быяк бети деп,
Өпкө боордун чети деп,
Өрттөнгөн чочко уруптур.
Камбыл чочко урганда
Боз кунан кулап бүк түштү,
Акбала байкуш тик түштү.
Мунусу душман экен деп,
Канчоро кандын көөнүнө
Айыкпас оору жик түштү,
Кынжылалуу балбаны
Ал Акбала катынды
Кыйын каптап барганы,
Колундагы ак тинте
Козголуп келип сайгыча,
Дүмөктү түптүз кылгыча,
Беш-алтоосун кыргыча
Камбыл тууган Канчоро
Жана эсебин тапты эле,
Алтын жаак айбалта
Алып камбыл Канчоро
Акбаланын колунан
Ак тинтени какты эле.
Ак тинтеден айрылып,
Торго түштү Акбала.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Мурду булак суу болуп,
Айланасы келиндин
Асман жарган чуу болуп,
Колго түштү Акбала.
Эргисе кечип чыга алгыс
Шорго түштү Акбала,
Мына ошондо Акбала,
Капка оозунда Канчоро
Канчорого муну айтат,
Билгенге мүшкүл шумду айтат,
«Төрөнү сойгон баатыр кул,
Э төрөсүнгөн капыр кул!
Капыр кул саа не болду,
Бере жаман катын, жаш бала
Тукумсуз бизди кыргыдай,

www.bizdin.kg



Эпсиз карыган, эсер жаш
Мындай зордук кылгыдай,
Талкалап талап кеткидей,
Таптакыр түпкө жеткидей,
Айкырып айза сайгыдай,
Туура өлтүрүп кандарды,
Туш-туш кырып жандарды,
Туура түпкө жеткидей.
Кара кыя жер белек,
Кан уулунан кем белек?
Кайгылуу болгон сиз белең,
Канкор атаң Чубакты кайсап
таштаган
А кытай эмес биз белек?
Баатырдыгың сында жок,
Мадериң* өчү бизде жок,
Кулжуңдашың сында жок,
Сенин кубарың өчү мында жок!
Атаң аңкылдаган айбан кул,
Айылды кырып чапкыдай,
Эсепти эпсиз тапкыдай,
Ааламды ала качтыкпы,
Ак теңге булуң чачтыкпы?
Кулаңды кууй качтыкпы,
Куржунда булуң чачтыкпы?
Аштыгың чийки ордукпу,
Аркы атаң Акбалтайды сойдукпу?
Кесиреттүү кутургур,
Кең-Колдон чаптың көчүмдү,
А келберсиген бу кулдан
Катындыгы курусун,
Алалбай турам өчүмдү!
Таластан кырдың элимди,
Кул – кедей, кетирдиң жаман
эбимди!
Ата, Чаткалдан бузам көчүңдү,
Алда, Алда таала жараткан,
Мындан качан алам өчүмдү?!»
Катын какшап турганда,
Караган жок Канчоро.
Келин какшап турганда,
Зың-зың этип кенебейт,
Катын айтса канча сөз?
Кара жолтой Канчоро
Бучкагына төңебейт.
Бобу коргондогу Чачыкей,
Бу куйругу кучак чоң жеңең
Мунарадан бакырып,
Кырк балбанды чакырып,
Жардык кылды Чачыкей.
Акбала сүйлөп турганга
Тардык кылды Чачыкей.
«Тиги какылдаган капырдын,
Тиги Акбала сындуу катындын,
Таманын тилип туз салып,
Төбөсүн тилип курт салып,
Кежээл чапан кийгизип,
Кер байталга мингизип,
Кой артынан салгыла,
Мал багар бейбак кылгыла.
Орой тентек катындын,
Тигил ороңдогон капырдын,
Оболку жинин тыйгыла.
Бу Канчоро канды карачы,
Тиги ороңдогон катындын
Оройлугун карачы!
Мунун алы канча жыйгыла,
Аңылдаган капырдын
Арбыган жинин тыйгыла!
Тиги кулжуңдаган капырдын
Мунун куураган жинин тыйгыла!
Муну талпактай сабап кергиле!
Отун алып, суу куйсун,
Жылма калган жалапты
Тиги жылкычыга бергиле!»
О, көрүп турган көп балбан
«Макул жеңе, макул!» – деп,
Катынга салды чоң жаңжал.

www.bizdin.kg



Буйрук алган балбандар
Муну мурунтан Кудай урду эле,
Ал Акбала байкушту
Чачыкейдин айтканындай
кылды эле,
Төбөсүн тилип курт салып,
Таманын тилип туз салып,
Кер байталга мингизип,
Кементайды кийгизип,
Койчу талап зордуктап,
Жылкычы уруп зордуктап,
Бир кылган жок, миң кылып,
Билгенге мүшкүл иш кылып,
Акбаланын башына
Бир кылган жок миң кылып,
Жадаалды жаман салды эле,
Кайран башы күң болду.
Таза катын таяктап,
Таз катындан тил укту.
Ойлосо мүшкүл күн болду,
Бул Каныкей менен Акбала
Канчоро канга күң болду.
Күндүк менен күн өтүп,
Азап менен ал өтүп,
Акбаланы жыңайлак
Уй артына салды эле.
Ал Каныкей байкушту
Музоочу кылып алды эми,
Муну мындай таштайлы,
Бер жагынан баштайлы,
Айдай катын Чүрөктү,
Чүрөккө салды дүмөктү
Чүрөккө салган дүмөгү
Кимиси арбак карады,
Канкор эрдин сан дилде,
Калтырбай барып талады.
Буласын булап алды эле,
Мүшкүлдү жаман салды эми,
Алтынды талап алды эле,
Азапты катуу салды эми.
Олжо болду Чүрөгү
Ошондой болду Чүрөктүн
Жедигер салган дүмөгү.
Тоодо жылкы токсон сан
Тобурчак күлүк, тулпар ток,
Тоодой болгон канкордон
Артында эркек бала жок!
Адырда жылкы ала баш,
Ичинде аргымак, буудан аралаш,
Бууданы күлүк, бээси жок,
Бу жылкыны тозууга
Канкордон туяк ээси жок,
Ушундай экен дүйнө бок!
Сан казына, түмөн мүлк
Эсерлер ээлеп зор болуп,
Ата, эсил дүйнө оңбой кал.
Энеси байкуш кор болуп.
Берендин баары сабалып,
Келиндин баары таланып,
Калк башкарып Канчоро
Жаткан экен ордолоп,
Айдай катын Чүрөктү
Жедигердин эр Кыяз
Алган экен олжолоп.
Канкордон калган түмөн мал
Түгөл айдап кетти эле,
Канкор шердин казына
Түгөл талап өттү эми.
Чабуул кылып жедигер
Чынарды жыгып сулатып,
Ордону бузду кулатып,
Алтымыш катын, тул жеңе
Олжо кылды чуулатып.
Жадаалды жаман баштады,
Жетим-жесир көп бүлө
Эр Кыяздын каарынан
Кырылып кете таштады.
Теректи кыйып сулатып,

www.bizdin.kg



Ордону бузуп кулатып,
Кароолчуну жандарды
Такыр кырды сырайтып.
Каяша берсе Чүрөктүн
Бир эсебин табууга,
Каршылык кылса окустан,
Каяша берсе кокустан,
Кармап башын чабууга,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарууга,
Эки көзүн оюуга,
Кулжуңдаса бейбакты
Курутуп союп коюуга
Ойлонгон экен жедигер.
Күндөй катын Чүрөккө,
Күйүткө туутан дүмөккө,
Айдай катын Чүрөккө.
Артык зордук кылды эми,
Мелтиреген дүмөккө.
Быяк жагы Чүрөктүн
Кара нээт ар жандар,
Каптап жаткан балбандар.
Бөрк ал десе, баш кесчү
Адамдан ашкан жаңжалдар.
Быяк жагын карасаң –
Сары жаргак шым кийген,
Сан түмөн жоого бир тийген,
Саадагын санап байланган,
Кайра кыргын салчудай
Каары бетине айланган,
Быяк жагын карасаң
Түпөгү жок айза алган,
Комогойлоп айзасын
Колойтуп өйдө аштаган,
Койгулаша кеткенде
Коркунуп колтук ачбаган.
Козголгондо жан түтпөй,
Бет алдына келгенин
Коёндой жерге жанчтаган,
Айзаларын арбайтып,
Андан кирди бир топ жан.
А балбанды көргөндө
Жеңеңен кетти чогуу жан.
Кашык болду кайран кан,
Катуулады көп балбан,
Аябай күчөп көп балбан,
Күндөй жеңең долунун
Күнөөкөр мүшкүл көргөндө
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Өлөйүн деп арынан
Өлбөй турат куурагыр
Курсакта бала барынан.
Кетейин деп арынан,
Кетпей турат куурагыр
Боюнда перзент барынан.
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Баатыр шерден айрылып,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Көзүнөн жашын тарта албай,
Мурдунан булак суу жүрүп
Бу сууну жеңең арталбай,
«Канкорум!» деп чыркырап,
«Эрмекке эрке бала жок,
Энекем ай!» – деп буркурап.
«Жараткан чийди шумдукка,
Көтөрбөй турган чара жок!
Көп адам медер кылууга
Көкжалдан эркек бала жок.
Куу башка мүшкүл иш келсе,
Көтөрбөй турган чара жок!
Бу көкжалдын тууган энеси
Мен бейтаалай Чүрөктүн
Беренээби чекеси,
Көбүнчөсү энекем
Мен шордуу Айчүрөктүн мекеси!

www.bizdin.kg



Көрүп койсом көөнүм ток,
Эш кылганым энемден бөлөк
бирөө жок.
Ич өрттөнүп боорум чок,
Күйүп-жанып болдум кок.
Менин жеткилең башым олжодо
Жедигер барып турамын,
Менин каралды кылган энем жок!
Мен кимдерин меке кыламын?
Ай-ааламдын туткасы
Шерим мындай болорбу?
Ак байбиче таалайым
Менин энем мындай болорбу?»
Деп, ошентип, Айчүрөк
Армандуу сүйлөп муну айтып,
Жеңең аркардай таңын кылайтып,
Акырын сүйлөп, муну айтып,
Амалы барбы кордукка,
Ар кандай адам көнбөйбү,
Күчтүүлөр кылган зордукка.
Курчаганы сан балбан,
Бу Кудайсынган Кыязга
Курчашса курмат жете албайт.
Кандай кылсын бейарман?
Жарлык кылды кандары,
Каны жардык кылганда
Жабылган экен балбаны,
Ашкан экен Кыяздын
Бул ааламдан жаңжалы.
Келген экен жиндери,
Капырай, бузулган экен түрлөрү.
Кара жолтой Кыяздын
Кайралган экен тиштери,
Ашкан экен күчтөрү,
Чуунун суусун баштаптыр,
Малы түгүл жанынан
Такыр кечип таштаптыр.
Кайра ташып жедигер
Катуу талоон койду эле,
Кайрат кылып сойду эле,
Көз көргөндүн баарысын
Талаанды такыр койду эми.
Төбөңдөн тийген жедигер
Ак сарайдын ичине
Камчы сүйрөй кириштн.
Кычык-кычык сөз айтып,
Кыйын катын Чүрөктүн
Кыжырына тийишти.
Төрөнүн зайбы бейбактын
Төрүнө кудук казды эми,
Төрттүлүктү чачты эми,
Бөлбөй кирди жедигер
Бокчону бузуп тинтти эле.
Болбос чыр салып минтти эми.
Адырдан тийди бээсин,
Башын кесип таштады
Бээсине келген ээсин.
Чыгарды дүйнө кээсин
Чыгара муштап мээсин.
Олжолоп алып төөсүн,
Чыгарды ичтин кээсин,
Мына ушунтип жедигер
Кызыл-тазыл кырмызы
Кыйгачтанып бүктөтүп,
Кызыл нарга жүктөтүп,
Жашыл ала кырмызы
Кан-жанынан бүктөтүп,
Жалаң алтын, жакут таш
Желмаянга жүктөтүп
Билге жүктөп, мүлк алып,
Артып алып жөнөдү.
Желбегей торко кийгизип,
Желбеген жорго мингизип,
Бадана торко кийгизип,
Байкуш катын Чүрөккө
Барыктуу жорго мингизип,
Керней-сурнай тарттырып,
Алты миң нар кырк билге

www.bizdin.kg



Айчүрөктүн сан дүйнө –
Сан дүйнөсүн арттырып,
Кызыл, жашыл туу болуп,
Кызыгын көрсөң ушундай –
Асман жарган чуу болуп,
Балбандары бакырып,
Кубангандан жедигер
«Кыяздап» ураан чакырып.
Көп дүйнөнү көрүшүп,
Көкжалдан калган көп дүйнө
Күйпөңдөшүп жедигер
Камчыга ченеп бөлүшүп.
Далай алтын, кыйла мүлк алып,
Тамашага бөлүшүп,
Буттап алтын-зээр алып,
Дүнүйөнү көп алып,
«Чүрөктү Кыяз алды» – деп,
Эл чуркурап, барк болуп,
Көп дүнүйө жедигер
Көзү ачылбай карк болуп.
Мына ошондо эр Кыяз
Жети-Өзөндүн керүүгө
Жерге-Талдуу сеңирге
Жетип ордо тикти эле,
Тоо бөлүнгөн урчукка
Толтой кароол кароочу
Томурайган урчукка,
Адыр-күдүр жылганын
Аржак далы бетине,
Кырк кайыңдуу, кош терек
Дөбөчөнүн четине
Жетип ордо тикти эми.
Жедигердин эр Кыяз
Айчүрөктүн ак ордо
Түндүгү алтын боосу жез,
Эр Кыязга келген кез.
Улугу оор жан болуп,
Жүрөктү алып эр Кыяз
Аалам журтка кан болуп.
Эр Кыяздын колунда
Эпсиз дүйнө, түмөн мүлк
Эбегейсиз ээ болуп,
Эл башкарган дөө болуп,
Ордо күтүп кан болуп,
Артык мыктуу жан болуп,
Алган экен эр Кыяз.
Бийлеген журтка бек болуп,
Калган экен эр Кыяз.
Кайран Кыяз баатырдын
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Кайратынан жан чыгып,
Белгилүү бири жан болуп,
Жети-Өзөнгө жедигер
Жеткилең Кыяз кан болуп,
Таласта Кыяз аргындын
Таптакыр калкын кырдым деп,
Калтырбай калкын сойдум деп,
Акыреттик Канчоро
Анысын тирүү койдум деп,
Талаанды такыр салдым деп,
Малы түгүл канкордун
Катынын тартып алдым деп,
Жетик Кең-Кол, кең Талас
Жергелүүсүн буудум деп,
Мен бир агам эмес, жети агам
Жетиктеп кунун куудум деп,
Менин арманым жок Алдага
Калкына каран салдым деп,
Кара мал эмес, канкордун
Катынын тартып алдым деп.
Жети-Өзөндө жедигер
Жергелүү журтум келсин деп,
Катын алуучу тоюмду,
Калкыма кылчу оюмду,
Каалап бу журт көрсүн деп,
Ааламдан чыккан баатыр деп,
Эрдигим журтум көрсүн деп,
Жети-Өзөндүн оюна

www.bizdin.kg



Жеткилең Кыяз үй тикти.
Катын алуучу тоюна
Калбай журтум келсин деп,
Айчүрөк катын каадасын
Калбай бир жан көрсүн деп,
Калың кара жедигер
Жедигердин калкына,
Катын алчу баркына,
Той берүүчү аркына,
Кабар айтып калкына,
Кан Кыяздын даңкына,
Улуксунган карыны
Уруулуу журттун баарына,
Курбу курдаш кандарга,
Аземге келчү жандарга,
Айылда ойноо балдарга,
Калбай келсин карысы,
Калың журтун баарысы.
Бу кызыгым көрсүн де,
Беризаада бейбактын
Беделин бу журт көрсүн де!
Жердин түбү Желпиниш
Жеткен эрди чакырам.
Арман аян өткөн дөө
Өткөндөрдү чакырам,
Тулпар чарчап, мал баскан
Жерден бир тал койбоймун.
Кулак угуп, көз көргөн
Элден бир тал койбоймун.
Жети-Өзөндүн оюна,
Катын Чүрөк тоюна,
Сан карача бээ соём,
Сандап жаткан төө соём,
Дүнүйөнү тең коём.
Малдан ачам баарды,
Беризаада бейбакка
Кыдыртып кыйла шаарды,
Көөнө-Турпан, Бомбайды
Көрүнгөн журтка той кылып,
Көргөзбөсөм далайды.
Чар тарапты бет кылып,
Аркайган тоодой эт кылып,
Ала-Көлдөй чык кылып,
Көк асманды дуу кылып,
Көргөн жанды чуу кылып,
Көрүнөө кызык салбасам,
Кан Кыяз болбой өлөйүн!
Калкка санат кылбасам,
Туулбай туна чөгөйүн!»
Жарлык уккан көп балбан
Сан карача төө союп,
Сан кара кашка бээ союп,
Дүнүйөнү тең коюп,
Төрттүлүктү тең союп,
Өрнөктү Кыяз баштады,
Мал менен баштын баарысын
Ортого кое таштады.
Жети-Өзөндө жедигер
Аттап алтын буу менен,
Асман жарган чуу менен,
Кан Кыяз кылган эп менен,
Айчүрөк, Кыяз алды деп,
Калк чуулаган кеп менен,
Канкорду Кыяз сойду деп,
Катын менен баласын
Олжо кылып койду деп,
Канын элге дуу кылып,
Көк асман жарган чуу болуп,
Калк чуркурап кеп толуп,
Жедигерге эп болуп,
Кан Кыяздын тою деп,
Жети-Өзөн толгон жедигер
Жеткилең чубап дүрбүшүп,
Ошо тойду көрүүгө
Айгыр эмес төө минип,
Ары жок адам жөө жүрүп,
Катын дуулап дүргүшүп,
Толгон кемпир, абышка

www.bizdin.kg



Таягына мүргүшүп,
Зайып шаша басышып,
Боз бала шашып алышып,
Ошо тойго баруугa
Балдардын баары жарышып.
Жети-Өзөндө жедигер
Каалабаптыр калышын,
Катын алган Кыяздын
Бу тоюна барышын.
Алты-Шаар, Маргалаң,
Аягы Букар, Самаркан,
Үстү Кокон, Анжиян,
Маңдай жагы Маргалаң,
Жедигердин эр Кыяз
Жерге салам айтыптыр,
Аты угулган мынчалык
Элге салам айтыптыр,
Бу кабарды укканда
Калк ишенбей дуу кылып,
Калыкка кызык чуу кылып,
Калыстын баары түрдөнүп,
Кандын баары үксөңдөп,
Эр Кыязга сүйлөнүп.
Далай калыс жандары,
Такка минген кандары,
Журт башкарган ыктуусу
Кырсык кезчү мыктуусу,
Төбө чачы сүксөйүп,
Эр Кыязга үксөйүп:
«Манастын уулу зор канкор
Телегейи тең эле,
Ичин көрсөң баатырдын
Жер жүзүнөн кең эле.
Эч жан азар салбаган
Жаралган адам уулунан
Коркуп кайра калбаган.
Ушунчалык көкжалдан
Таласын камай салдык деп
Катынын тартып алдык деп,
Багыштын уулу Кыяздын
Антаңдашын карачы!
Өзүнөн өзү күрпүлдөп,
Дөө болгонун карачы!
Жер үстүнө Кыяздын
Ээ болгонун карачы!
Кыймылдаса чатагы
Кылым журтка баргыдай,
Кыргыз эмес кылымды
Кыймылдаса алгыдай».
Кыжылдап журт муну айтып,
«Калк атасы Манастын
Калкына тийген оңобу?
Туура көкжал баатырдын
Тукумун кырган болорбу?
Белгилүү эле, шер эле,
Берен көкжал эр эле,
Кайнап жаткан какандан
Кайтарып турган бел эле.
Журтка коючу шер эле,
Түбү түптүү Айкөлдүн
Тукуму карап турганда
Бизди кандай душман жээр эле.
Балбан эле, дөө эле,
Баары жакка ал канкор
Баана болгон эр эле.
Эл туткасын жоготуп,
Ээлеп малын алдык деп,
Катын тартып алганга
Бир мактанып калдык деп.
Кулжуңдаган Кыяздын
Кутурганын карачы!
Жеткилең шерди өлтүрүп,
Жердин, суунун жөн эле
Ээси болгон экен го,
Жээрде кашка шамалдай
Бээси болгон экен го,
Жерге кирген адамдын
Жер үстүндө ал Кыяз

www.bizdin.kg



Дөөсү болгон экен го!
Көпкөлөң тууган ал Кыяз
Көрүнгөн жердин жөн эле,
Ээси болгон экен го.
Эми атасынан бабасы
Арыслан Манас жоголбойт.
Манаска каршы санаптыр,
Өзүң көргөн Кыяздын
Эгерде иши оңолбойт.
Кеңири Кең-Кол, Таласты
Кемитпесин ал Кыяз,
Келберсип жаткан Манасты.
Бу Жылгындуу, Кең-Кол,
кең Талас
Биз жашаган жер эмес,
Бу кабылан канкор эр Манас
Биз жараткан эр эмес.
Мунун ааламды жарган атагы,
Алакандай биз эмес, Манастын
Тетиги Бээжинге тийген чатагы.
Катынын алып той кылып,
Бул калың кара жедигер
Кырылганы жатабы?
Адырлуу Кең-Кол, кең Талас
Кеп кылбай ашчу бел бекен,
Айкөл көкжал Манаска
Адам тийчү эр бекен?
Багыштын уулу Кыяздын
Бул кылыгы жөн эмес.
Аргын мснен кыргызга
Адамдар тийчү эл эмес,
Кутуруптур эр Кыяз
Бу кылыгы жөн эмес,
Той берем деп эр Кыяз
Орго кетип жүрбөсүн,
Кайран жан кайра тартпаган
Колго кетип жүрбөсүн.
Тою топот болбосун,
Толгон кытай муну угуп,
Тобун бузуп сойбосун,
Айлына апат салбасын,
Ашкере элди кырбасын.
Манастын уулу канкордун
Катынын алса өзү алсын.
Кан каарына чуу түшүп,
Жедигер өңдүү эл калсын.
Той топот чыр болуп,
Жолго түшүп жүрбөсүн.
Эртеңинде жедигер
Эр Кыяздан айрылып,
Колго түшүп жүрбөсүн.
Бузулган-Чамбыл жердеген
Бузумбек кан муну айтып,
Кужулдаган кандарга
Курсагында кепти айтып,
Тоюна каршы турду эле.
Чогулган элдин ичинде
Кире турган эпти айтып.
Бу айтканың чын болсо,
Тою топот болсун деп,
Кызыталак Кыяздын
Ажалы азыр жетсин деп,
Мал менен башы чабылып,
Ошондой болуп кетсин деп.
Кулагы угуп далай кан
Жер-жерине кайтты эми.
Жеткен жерге түкүрүп,
Наалатын артык чачты эми.
Билген жандын баарысы
Жер-жерине тартты эми.
Каршы чыгып оюна,
Кандын кылган тоюна,
Келбей кандар тартты эле,
Наалат кылып жемелеп
Жер-жерине кайтты эле.
Жети-Өзөндө жедигер
Адам ичсе өлүүчү
Уга кирген экен деп,

www.bizdin.kg



Катынын тартып алдык деп,
Кыяз эр калып атакка
Кыжылдаган жедигер
Калган экен чатакка.
Беризаада бейтаалай
Акундун кызы Чүрөктүр,
Чүрөк эмес кара саат
Кара балээ дүмөктүр.
Өрттөнгүрдүн өзүдүр,
Мүшкүлдүн кара көзүдүр.
Чылгый балээ Айчүрөк
Бузуктун кара көзүдүр.
Олжолонуп той болгон
Чүрөктүн көөнү жоголбойт.
Чүрөктүн көзү жоголбой,
Жедигер иши оңолбойт.
Беризаада шуркуя
Белгилүү Чүрөк жоголбойт.
Артык кылсаң Айчүрөк
Атбороюн сыдыраар,
Ай-ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдыраар.
Учуп чыкса куу чыгаар
Жедигерде чуу чыгаар,
Акылга кирсе Айчүрөк
Айчүрөктөн кыр чыгаар.
Аман болсо токтой тур
Эр Кыяздан чыр чыгаар,
Олжо катын Чүрөктүр,
Чүрөк эмес дүмөктүр,
Чүрөк, Кыяз тирүүдүр,
Каарлансаң Айчүрөк
Ал жедигердин жинидир,
Желигип кетсе окустан,
Желбилдесе кокустан,
Жедигердин жинидир».
Жеткен эл чуулап, муну айтып,
Жер-жерине кайтты эле,
Кайтып кетти калың кан,
Кайгыланды далай жан.
Бирөөн бирөө айдап артынан,
Айда, жаңжал чыгаар деп,
Айчүрөктүн дартынан,
Калың эл чуулап, муну айтып,
Билсең мындай шумду айтып.
Муну мындай таштайлы,
Жети-Өзөндө калың эл
Элден кабар баштайлы.
Эл ичинен эр Кыяз
Шерден кабар баштайлы.
Кыяздан буйрук келди деп,
Кыжылдаган жедигер
Калк жыйылып, эл толуп,
Кадыр Алда кудурет
Кааласа мынча жан болуп.
Эмгектеген чалдары,
Томолонгон балдары,
Толуп баары келиптир.
Асман жарган калың той
Жедигор журт көрүптүр,
Бадышалуу ордого,
Кан жараткан короого,
Журттан калып далайга,
Айчүрөктүн сарайга,
Арынаган долуга,
Жакут менен көөхар таш
Аралата жардырган,
Ат башындай көөхардан
Түндүгүнүн көзүнө
Аземдетип салдырган.
Алтындан чеге урдуруп,
Арыптатып алтындап,
Керегеге орогон,
Бул ордону жасаса,
Канкор кандын казына
Арбынураак корогон.
Айчүрөк бейбак ордосу
Көкжал аман барында

www.bizdin.kg



Кышындасын бүктүргөн,
Жайдын күнү болгондо
Көкала майдан ыраңга
Сейилдикке тиктирген.
Жакут таштан жардырган
Босогосун борумдап,
Байкаганда жөн эле
Адамдын көөнүн кандырган.
Бу кара саат карандын
Жабык башы баймалуу,
Теги кызык карандын
Тегереги саймалуу.
Керегенин көзүнө
Күмүш чырмап сындаткан,
Уук уштугу ушундай
Аземдетип каранды
Алтын менен чырматкан.
Керегенин көз-көзү
Чегеси сонун кумгандай,
Калк, кан чогулуп, баарысы
Аземге карап тургандай
Жети-Өзөндө жедигер
Сакалдуусу, карысы,
Узун кулак табышы,
Көп жашаган чоң кулу,
Көп күлдүргөн куудулу,
Узун кулак сарысы,
Жедигердин баарысы,
Акылга дыйкан эрени,
Айла тапкыч берени,
Ал ордонун ичинде,
Калың эл карап таң калып,
Кары-жаш карап жарданып.
Өткөн дүйнө, кымбат иш
Тыңдаганы дагы бар.
Ойрон катын Чүрөктү
Опсуз катын экен деп,
Сындаганы дагы бар.
Айчүрөк көрүп кубанып,
Жыргаганы дагы бар.
Эт туурабай, өз колун
Айчүрөккө таң калып,
Туураганы дагы бар,
Колдон кара кан кетип,
Куураганы дагы бар,
Айчүрөктү көргөндө
Жан кубанып сүйүнүп,
Колун кескен балбандар
Жеңинен кан куюлуп,
Көзү кайнап жайнашып,
Башка катын экен деп,
Бармактарын чайнашып,
Суулулукка, сумбатка
Барган катын экен деп,
Эл ичине бир мүшкүл
Салган катын экен деп,
Айдай бети жайнаган
Чүрөк катын экен деп.
Ай-ааламга чыр салган
Бир дүмөк катын экен деп.
Өң жедигер жарданып,
Келишимдүү бейбактын
Келбетине таң калып,
Калың кара жедигер
Карап турду зирилдеп,
Катын ушул экен деп,
Таң калышып бириндеп.
Кайраты бар эр жигит,
Тиктеп көзү оюлуп,
Мүдүрүлүп жыгылып,
Кээ бир жандар союлуп.
Катар карап жарданып,
Идерлүү жигит, угуттуу уул
Жеңекеңе суктанып,
Капырай, жан жаралды ар кандай.
Жанагы бейбак долуга
Көргөн адам таң калды ай.
Кара сакал эрендин,

www.bizdin.kg



Карап турган кээ элдин
Сакалдары суюлуп,
Мелтиреген бейбагың,
Менин жарым болсо деп,
Эң чычкылуу жигиттин
Шилекейи куюлуп.
Чүрөктү көрүп таң калып:
«Жаратылган адамдан
Кадырдын жарык түнү экен,
Мелтиреген бейтаалай
Беризаада күң экен.
Бели кындай, бети айдай,
Белгилүү экен дүнүйө ай!
Алма моюн, аркар төш
Адамдан ашкан жалжал көз.
Келеңкер чачпак, кең соору
Келишимдүү жалжал көз.
Кырмызы бешмант, айча бел
Кылактаган сулуунун
Журттан калган шуму экен,
Калың эл кыргын болгону
Калп эместир, чын экен,
Белгилүү сулуу өзү экен,
Менден чыкпас мындай жан
Беризааттын көзү экен.
Мунун караса бети жаркылдап,
Кубулуп өңү бөлүнгөн,
Ичип-жесе тамагы
Алкымынан көрүнгөн,
Күдөрүдөй былк эткен,
Күндөй бети жылт этип,
Акырын сүйлөп балкылдап,
Алтын топчу, кырк ачкыч
Анан калса колунун
Көнчөгүндө шалкылдап,
Болжоп көрсө байбактын
Бой келбети чүрөктөй.
Аркада өргөн кара чач
Таңдайлашып билектей.
Мелтиреген Чүрөктүн
Чүрөк эмес, бул катын
Журт дүрбөткөн дүмөктүн
Күлүмсүрөп тастайып,
Күрөктөй тиши кашкайып.
Оймок ооз, бото көз
Кырмызы көйнөк, айча бел
Ата, кылактаган бейтаалай,
Караса каада бөлүнүп,
Ар кылыгы Чүрөктүн
Ай тийгендей көрүнүп.
Балкылдаган ак маңдай
Башка көздү кандырып,
Бурулушу кеч болуп,
Бул Чүрөктү көрсөм деп,
Кыяз эмес жедигер
Эки көзү төрт болуп,
Эпсиз катын Чүрөктүн
Журт оозунда дүмөктүн
Оймок ооз, бото көз
Бал-шекердей кеби бар.
Эрдинин үстү жагында
Билер-билбес будодо
Түйрүгүрөөк жери бар.
Түгөнсүн жеңең азаптын
Кайсы жеринде кеми бар?
Узун чачтын ыктуусу,
Беризаада бейтаалай
Ургаачынын мыктуусу.
Келбетин көр Чүрөктүн –
Кең көйнөктүн тазасы,
Ушундай экен сулуусубу
Ургаачынын пашаасы.
Ошо күнү эр Кыяз
Эл дүрбөтүп, той кылып,
Адам таппас ой кылып,
Чүрөктү Кыяз алды деп,
Көз көргөндөн эр Кыяз
Көкжал болуп калды деп,

www.bizdin.kg



Калк чуркурап, той кылып,
Калайык минтип турганда
Багыштын уулу эр Кыяз,
Калк башкарып, журт күткөн
Кан эмеспи бул Кыяз.
Артык улук жан болуп,
Жети-Өзөндө жедигер
Жеткилең Кыяз кан болуп,
Кыяздын жайы ушундай.
Көк күлдүү той жамынып,
Көрсөң Кыяз ушундай.
Көк жолборстой чамынып,
Жай-жарагын жайланып,
Эр Кыяз жайы ушундай,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетина айланып.
Билеги жоон, таш жүрөк
Кыяздын жайын сурасаң
Бил мүчөлүү бадирек.
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиден мындай адам жок,
Алдыңкы ээрди калдайып,
Калайчынын кабындай,
Типтик чыккан муруту
Чоң камчынын сабындай.
Көз үстүндө кара каш,
Көмкөрүлүү муштумдай,
Бу көмүлгөн Кыяздын
Көрсөң түрү ушундай.
Арбайгандан дарбайып,
Ачуусу бар буткулдай.
Каарданса бу Кыяз
Кармашканды жуткундай.
Мына ошондо эр Кыяз
Жети-Өзөндүн оюнда,
Тартып алып Чүрөктү
Алып жаткан тоюнда.
Төрт түлүктүү кайран мал
Зарып кылып чачсам деп,
Ал Кыяздын оюнда.
Асманга учуп топурак,
Аскер кайнап топурап.
Багыштын уулу эр Кыяз,
Аябаган дүмөктү
Салып келген экен деп,
Айдай катын Чүрөктү
Олжо кылып Таластан
Акундун кызы Чүрөктү
Алып келген экен деп.
Алтын менен күмүшүн
Артып алган экен деп.
Айдай катын Чүрөктү
Айылын чаап талкалап,
Тартып алган экен деп.
Мурун Талас, чоң Кең-Кол
Жерин алып келдим деп,
Өлгөн-өчкөн жедигер
Кегин алып келдим деп
Сураса бербес тулпарга
Суук укурук салдым дейт,
Ойлосо тийбес Чүрөктү
Олжого коштоп алдым дейт.
Бүгүн төрттүлүк чачаар оюмда,
Келин Чүрөк тоюнда,
Журтум, келдиң жанымды аябайм.
Жети-Өзөндө жедигер
Каны мында турасың.
Бу жан жаралган калың журт
Баарың мында турасың.
Кан Кыяздын ою деп,
Айчүрөктүн тою деп,
Айгай арбын чуу болсун,
Асман жарган дуу болсун,
Жерден топо чубалсын,
Жеткилең бу журт кубансын.
Түмөндөп малды чачайын,
Атам Багыштан калган казына

www.bizdin.kg



Мунун балталап оозун ачайын.
Журтуа, кара малды кырайын,
Берен катын Чүрөктүн
Ушу бүгүн тоюн кылайын.
Чар тарап малды жыйгыла,
Чабылсын колдон дүнүйөм.
Бүгүн мени Чүрөккө нике кыйгыла,
Бүгүн бир табактан эт жешем,
Бир төшөктө беттешем.
Бүгүн такыр чачам малымды
Беризаада бейбакка
Бүгүн чачамын жаман алымды.
Кең талаанын оюнда,
Бу бейбактын тоюна,
Бүгүн журтум, муну бил.
Миң карача бээ саям,
Миң кара кашка төө саям,
Бүгүн бакандары майышсын,
Бүгүн баатыр эрлер сайышсын!
Бакан сынып, боо түшсүн,
Белгилүү Чүрөк тоюна
Эрендер кулап боо түшсүн.
Ал балбандан чың кийин,
Сары жаргак шым кийген,
Багалектен алышсын,
Жөө күрөштө салышсын,
Жыкканы байып калышсын.
Олжого келген катын деп,
Кеп ичинде калбасын.
Таланып келген катын деп,
Кек ичинде калбасын
Кыз алгандай болду деп,
Кылым журт муну ойлосун,
Андай санаа болбосун.
Кабылан экен кан Кыяз
Ою ушундай болду деп,
Айчүрөктү алганда
Тою ушундай болду деп,
Толуп жаткан жандарга,
Көпөлөк кууган балдарга,
Көп жөткүргөн чалдарга,
Ашка келбес алжыган
Үйдө калган чалдарга,
Эр Кыяздын каалаган
Оюу мындай болду деп,
Калк башкарган кайрандын
Тою мындай болду деп,
Артык кептен салгыла,
Каалаганым алгыла,
Катуу оюн, чоң күрөш
Каалaдым журтум, салгыла!»
Деп, ошентип, эр Кыяз
Өткөн иштин жайынан,
Айчүрөктүн айынан,
Калкты камап артынан,
Айчүрөктүн дартынан,
Калың кара жедигер
Кандан жардык келди деп,
Бакандары майышып,
Баатыр эрлер сайышып,
Бакан сынып тоо болуп,
Түздөп кармап баканын
Узун сунуп өтүшүп,
Мактанышып калышып,
Былчылдашып сайышып,
Беттешкенде бакандар,
Белден кыйрап быркырап,
Бек Кыяз кылган улуу той
Калың кара жедигер
Калк кубанып, чуркурап.
Балбан кулап өбөктөп,
Аттан түшүп калышып,
Жыгылганы, жыкканы
Жылас кылып бир-бирин
Такыр талап алышып.
Багелектен алышып,
Баатыр, балбан күрөшүп,
Баягы күчүн салышып.

www.bizdin.kg



Көк букадай сүзүшүп,
Көк бөрүдөй болушуп,
Ачылган жерин кармашып,
Ачылганын балбандар
Ач буурадай чайнашып,
Жети-Өзөндүн бою деп,
Эл чуркурап дуу туруп,
Жыгылган куру калышып,
Жыкканы мөрөй алышып,
Калың болду тамаша.
Асманга учту топурак
Калың эл чубап чуркурап,
Эми кызык кылууга,
Чүрөккө ике кыюуга,
Курун селде чалынган
Кудурет деп жалынган,
Ак селдечен кожосу,
Ала чапан молдосу,
Кожосун койбой жыйды эле.
Күүгүм кирип, күн жата,
Көз байланып эл ката,
Быжырап жылдыз толгондо
Жан-жаныбар макулук
Жатар маалы болгондо
Чапма ике кыйдырып,
Чүрөктү Кыяз алды эми.
Мөңкүсө үзүп чыга алгыс,
Торго түштү Айчүрөк.
Уктаса ойго түшкүсүз
Колго түштү Айчүрөк.
Адам тапкыс ой кылып,
Жедигердин эр Кыяз
Жеткилең журтка той кылып,
Эр Кыяздын ою деп,
Айчүрөк алчу тою деп,
Тойго токсон бээ союп,
Арбын дүйнө, каран мал
Дүнүйөнү тең коюп,
Эрендин баарын бет кылып,
Ала-Тоодой эт кылып,
Ала-Көлдөй чык кылып,
Союлган тоюн лык кылып,
Дууга кирип алыптыр.
Адам билбес чоң кызык
Чууга кирип алыптыр,
Айыкпаган бир үлкөн
Дууга кирип алыптыр,
Басылбаган бир кызык
Чууга кирип алыптыр,
Тойго келген калайык
Айгыр десе, төө минип,
Ары жок адам жөө жүрүп,
Зайыптын баары самсаалап,
Карыялар, жаштары,
Калбай келди мастары.
Узун кулак сарысы,
Уялуу журттун баарысы,
Ышкыбозу сонуну,
Кеп билбөөчү момуну,
Селде оронгон кожосу,
Кат тааныган молдосу,
Айзакерден балбаны,
Чүрөктү Кыяз алар деп,
Калбай келип калганы.
Келген экен бу тойго
Албан түрлүү жандары,
Кымыз ичип кызышып,
Сөөктөрү сызышып,
Арак ичип алкынып,
Ачка куштай талпынып,
Багыштын уулу Кыяздын
Эр экени билинип,
Тоюна көп жан сүйүнүп,
Үлкөн оюн, тамаша,
Ушундай ишти караса.
Кайран Кыяз канетсин,
Өйдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,

www.bizdin.kg



Кыдырата карабай,
Кыл эмесин аябай,
Адам тапкыс ой кылып,
Арбын дүйнө, түмөн мал
Зарып кылып той кылып.
Жерге-Талдын ою деп,
Жети-Суунун бою деп,
Катуу күлкү салыптыр,
Жети-Өзөндө жедигер
Калтырбай жыйып алыптыр,
Калк чогулуп, лык толуп,
Жети-Өзөн эли ык толуп,
Казына оозун ачыптыр,
Жыйылган алтын, көп дүйнө
Зарып кылып чачыптыр.
Оюнду опсуз баштаптыр
Сандап аткан көп оокат
Такыр кечип таштаптыр,
Азуусу тутам ат союп,
Белгилеген бээ союп,
Эки өркөчүн койкойтуп,
Эпсиз малдан төө союп,
Бар дүйнөнү тең коюп.
Ойрон көкжал өлгөндө,
Олжого келген сарайга,
Кандын кара көзүнө,
Кайран Чүрөк өзүнө,
Журт ойлогон бийине,
Ал бийлерин чогултуп,
Киргизген экен эр Кыяз
Айчүрөктүн үйүнө.
Ала чапан кожосун,
Селде оронгон молдосун,
Улукман чечен карысын,
Айчүрөктүн сейилин
Абайлап көрүп алсын деп,
Жыйыптыр журттун баарысын.
Өзүнө жакын жандарын
Айчүрөктүн ордого
Жыйды Кыяз кандарын.
Кандарына, канына,
Өзүнө жакын баарына,
Жолборс жүрөк эрине,
Өзү менен бир жортчу
Акылга дыйкан бегине,
Айчүрөктүн кылыгын
Сыноо кылды көбүнө.
Сынап каны жарланып,
Беризаада бейбакка
Бет алганы таң калып,
Калктан калган себеби –
Бели кындай, бети айдай,
Ата, мелтиреген бейбак ай!
Күдөрүдөй былкылдап,
Күндөй бети жылтылдап,
Олутун оңоп балкылдап,
Алтымыш ачкыч, кырк топчу
Омуроодо жалтылдап.
Көрүп турган жедигер
Көргөнү жандан түңүлүп.
Каран калган дүмөктү
Караган адам калтылдап.
Шыбыраса бу Чүрөк
Жез комуздун үнүндөй,
Аркасында кара чач
Тоту куштун жүнүндөй.
Бурулса бети жаркылдап,
Алтындан кылган зор сөйкө
Омуроодо жаркылдап.
Анан калса Чүрөктүн
Жок, Чүрөк эмес, дүмөктүн,
Кыялы бөлөк капырдын,
Кылтылдаган катындын,
Белгилүү катын Чүрөктүн,
Чүрөк эмес бу катын
Журт бүлдүргөн дүмөктүн,
Акундун кызы бериниң,
Ай экени чын экен,

www.bizdin.kg



Азаматка Чүрөктүн
Жай экени чын экен.
Эл бүлдүрүп, журт кырган
Бир дүмөгү катындын
Бар экени чын экен.
Капырай, кара жерге кан тамса,
Кардан аппак этин көр.
Кар үстүнө кан тамса,
Кандан кызыл бетин көр.
Күдөрүдөй тастайып,
Күлүп койсо Айчүрөк
Күрөктөй тиши кашкайып.
Борумун көрүп Чүрөктүн
Кандын баары дуулашып.
Эт туураймын деп эчен жан
Кошо колун туурашып.
Журт чуркурап таң калып,
Эл кубанып жарланып,
Эсеби жок бейбакка
Жедигер журту таңданып.
Сымбатына суктанып,
Беризаада бейтаалай
Белгилүү сулуу неме экен.
Калк бузулуп, чыр болдук,
Баатыр Кожо, эр Толтой
Кырылганы эп экен.
Өткөн иштин жайынан,
Мелтиреген бейтаалай
Белгилүү Чүрөк айынан,
Көкжал Толтой шер өлүп,
Чынкожо, Төлөк тең өлүп,
Кейип эчен жан өлүп.
Бу дүмөктүн айынан
Кезиккен эчен кан өлүп,
Бу Чүрөктүн айынан
Айза, кылыч алышып,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып салышып.
Карап болуп, калк өлүп,
Карасаң мынча алп өлүп,
Жалгыз өлүп, көп өлүп,
Жапааны тартып, эр өлүп,
Журт кырылып, дуу болуп,
Учмактуу элге чуу болуп,
Эл бөлүнүп каздашып
Каршылашып, басташып,
Өпкө жарып, өт тешип,
Өлтүрүшүп, баш кесип,
Кыйла журт кыргын болду эле.
Кудай урган кеп экен,
Калың журт азап көргөнү
Өтүрүгү жок чын экен!
Кадырлуу жакшы түн экен,
Ата, мелтиреген шуркуяң
Беризаада көк экен,
Журт чабылтып, эр кырчу
Өрттөнгүрдүн өзү экен.
Аты сулуу Чүрөктүр,
Чүрөк эмес дүмөктүр.
Калык чайкап, эл бузган
Капыр катын бир экен,
Кадыр түндүн түнү экен,
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Көргөн киши чок болгон
Сымбатын көрүп долуга
Кайсы жан карап токтолгон.
Менин жарым болсо деп,
Көргөн жан күйүп, чок болгон.
Ата, мелтиреген бейтаалай
Беризаада өзү экен,
Дүмөктүн кара көзү экен,
Чын сулуунун бири экен.
Беризаада бейтаалай
Атбороюн сыдырган,
Кубулуп алса бу канчык
Төгөрөктүн төрт бурчун
Учуп жүрүп кыдырган.
Тотудай куйрук чайкаган,

www.bizdin.kg



Тозокку катын Айчүрөк
Толгон жердин баарысын
Учуп жүрүп байкаган.
Көзү көргөн алыстан,
Көп жерди көргөн даанышман.
Бу кең көйнөктүү зайыптан
Жеке чыккан жарыштан.
Кыз кезинде бейбакты
Алтынга бөлөп чүмбөттөп,
Атасы Акун бактырган.
Беризаада экен деп,
Калктан озгон чоң сынчы
Угар кулак, көрөр көз
Муң билер сынчы жактырган.
Коноктосо Акундун
Сыйласа ашын жеп кеткен,
Жер жүзүнө бу кызың
Бир дүмөк салар деп кеткен,
Күкүктөй куйрук чубаган
Күрөшөн ата чоң билгич
Ал киши көрүп сынаган,
Сыртын карап отуруп,
Сынга аябай толтуруп,
Күрөшөн атам шумду айткан,
Акун канга муну айткан,
Медиян чөлдүн белинен,
Бел-Сөөрүндүн жээгинен,
Аң улап, жер чалыпсыз,
Ымыркай чакта Чүрөктү,
Талаадан таап алыпсыз.
Кадыр түн тапкан немедей,
Кубанчы көрүп сүйүнүп,
Көңүл толкун болупсуз,
Атын Чүрөк коюпсуз,
Менде байкап көргөндө
Эсинен танып эчен жан
Алганым мындай болсо деп,
Акыл айраң адашаар
Капыр менен мусулман
Калкы көрүп талашаар.
Чүрөгүң сулуу чын чыгаар,
Бет алдындан чыр чыгаар,
Перизаттын өзүдүр,
Жаңжалдын кара көзүдүр.
Эл булунуп журт кырчу
Өрттөнгүрдүн биридир,
Бети өрттөнгөн чок экен,
Мендесинде жок экен.
Деген сөзгө көнүңүз
Ай-ааламга бой бербес,
Бир арыслан шерге бериңиз.
Кыз экен, Чүрөк атагы
Аман болсо, кызыңыз
Кылымды серпет чатагы.
Беризаада атагы,
Аман болсо, бу балаң
Мендеге тиер чатагы.
Бейлеген киши алам деп,
Чатакташпай жатарбы?
Ошо көргөн сынчы ата
Кайран тилин кайраптыр,
Акун кандын алдына
Канча күнү сайраптыр.
Сөз баштаган ар кандай
Ар бир кебиң эң артык,
Абайлап көрсөң сынчы атаң
Ар бир кебин карасаң
Айза менен сайгандай.
Атың Акун кан болсоң,
Келээр менен кетээрди,
Жыргал менен кууралды,
Зордук менен кордукту
Ашкере билген жан болсоң
Деген сөзгө көнүңүз,
Ээсин таап бериңиз.
Кечээ, түп атасы түгөл кан
Мунун түбүнөн Кыдыр даарыган,
Башкы атасы Бабырдан,

www.bizdin.kg



Чаян менен Бөйөндөн,
Илек менен Түмөндөн,
Ногой кандын өзүнөн,
Эр Кара кан көзүнөн,
Кара нээт Жакыптын
Чын туулган өзүнөн,
Алтайга барып туулган,
Ааламга салган чуулган,
Көзү көргөн алыстан,
Жеке чыккан жарыштан,
Кармашып адам жеңбеген,
Кас душман жакын келбеген,
Жакып кандын жалгызы,
Аалам журттун чынары,
Кыргыздардын тынары,
Жер экен Кең-Кол, Таласка
Келин кылып бер дептир,
Жакыптын жалгыз уулу Манаска.
Манаска берсең марыйсың,
Баатырга берсең жарырсың.
Алтын дилде, жакут таш
Казынаңа саларсың,
Жер үстүндө болгон чыр
Баатыр, башыңды сактап каларсың.
Сынчы билгич кебине
Кайран Акун көндү эле,
Кан Манаска долуну
Келин кылып берди эле.
Кандын зайбы бул эле,
Кара нээт күң эле.
Олжого башы талалган
Оюлгурдун өзүдүр.
Кылпылдаган катындын,
Кыйла азаптуу капырдын,
Эскирип калган катындын,
Элдиктирүү болбойт ко
Бу эл эскирткен капырдын.
Кылпылдашын карачы,
Кызырлуу эрдин зайбы эле
Кыйлага тиер балаасы.
Мунун кан Семетей атагы
Бу кан бүлөөсү ийилип,
Бирөөгө келип жатарбы?
Өлбөсө тиет катындын
Жедигерге чатагы.
Төрө көкжал Семетей
Төшөгүн баскан болорбу,
Төбөдөн тийген коборбу?
Атактуу баатыр Айкөлдүн
Жаздыгын баскан оңорбу?
Жаман жорук, мүшкүл иш
Жанынан тийген коборбу?
Канчоро мындай деди деп,
Кайран Кыяз оолукту.
Катын алам деп келип,
Чоң дүмөккө жолукту.
Канчоро канды кан кылды,
Эр канкорду жай кылды.
Качып кетер жер таппай,
Кирерге чуңкур көр таппай,
Жаман өлөр бекенбиз?
Эл бузулуп, журт качып,
Жаман өлөр бекенбиз?
Билгичтери муну айтып,
Шыбырашып кээ бир жан
Бирин-бири укушуп,
Кептин артын чукушуп.
Кабыргага сайышып,
Бүлкүлдөшүп калышып,
Жедигерден кээ билгич
Сынга кирип калыптыр.
Артын ойлоп, кээ бир жан
Чырга кирип алыптыр,
Акылы жок кээ адам
Той жеп алып ээлигип,
«Олжолоп катын алдык» – деп,
Өз оюнда желигип,
«Кайран күн кандай болот?» – деп,

www.bizdin.kg



Канча азамат муну ойлойт.
«Катын алып тундук деп,
Канча адамды кырдык» – деп,
Эселек адам муну ойлойт.
Жети-Кырдын ою деп,
Жеткилең Кыяз тою деп,
Тегереги чынар бак,
Ортосунда алтын так,
Элге белги мунара –
Мунарадан бакырды,
Багыштын уулу эр Кыяз
Элге жарлык чакырды.
Карчыгадай камынып,
Каймана акыл табылып,
Калың кара жедигер
Кан жарлыгы келээр деп,
Катын алды үлкөн той
Калың элге берээр деп,
Төрө катын алган соң,
Төрт түлүктү чачаар деп.
Аркан таңмай, көз таңмай
Калың элди бүлдүргөн
Бир тамаша ачаар деп,
Багалектен алышаар,
Балбан чыгып жулкушуп,
Бир тамаша салышаар.
Бакандары майышаар,
Башка дүмөк ушул иш
Баатыр эрлер сайышаар.
Мына ошондо эр Кыяз
Калың элге жар айтып,
Кайран Кыяз бакырды,
Калбай такыр келгин деп,
Жедигерди чакырды.
Атаңдын көрү, жедигер
Кан Кыяздын ою де,
Беризаада бейтаалай
Айчүрөк сулуу тою де.
Билесиңби жедигер,
Жазы тайпак кызандан
Көчүмдү алып отурам.
Куйүккөн Чүрөк кеткен эр
Өчүн алып олтурам.
Жылгынды, Кең-Кол, Таластын
Жээгин алып олтурам.
Чыңкожо, Толтой эки кан
Кегин алып олтурам.
Кыяз баатыр дедиртип
Жердин үсту таңданган
Атып алып олтурам.
Беризаада Айчүрөк
Бир мелтиреген бейтаалай
Катын алып олтурам.
Бу Манастын уулу көкжалдын
Алтын менен күмүшүн
Артып келип олтурам,
Оймок ооз, кара көз,
Ойкуштаган бото көз,
Кырмызы көйнөк, айча бел,
Кылпылдаган сулуусун
Тартып келип олтурам.
Тарткан күчкө кубанып,
Далай эл саа той кылам,
Ай-ааламга чамынсам
Бузайын деп ой кылам.
Улугуңар, шериңер,
Көкжал Кыяз эриңер!
Көкжал айткан кебине
Калың кара жедигер,
Кыйыныңар, каныңар,
Кызыгына кыйланып,
Кыргын болгун баарыңар!
Беризаада алган соң
Бет алып журтум той кылдым,
Мендеден ашык ой кылдым.
Кыйла кызык баштаймын,
Айдай катын Чүрөккө
Малым түгүл жаныман

www.bizdin.kg



Такыр кечип таштаймын.
Бу катындын тоюна
Сары макмал ичик саям,
Сан түмөндөй мал саям,
Бирөөнү коюп, миң саям,
Алтын артар бил саям,
Кыйла кызык мал саям,
Мөрөйүңө калың журт,
Кызыл куйрук нар саям.
Дүнүйөмдү бат саям
Куйругу кулач эчен миң
Эрендер минер ат саям.
Аздык кылса бу байгем
Жедигер түмөн элди сай!
Жетпей калса дөө саям
Өрүштөн тобун бузбастан
Күрдөлүү толгон мал сайдым.
Балбан күрөш, эр сайыш,
Өпкө алышып, таз чабыш,
Өткөрө болсун тамаша,
Журт каткырып тараса,
Кандык ушул эмеспи,
Касиеттүү бир мыктуу
Жандык ушул эмеспи.
Калк башкарып, эл билген
Кандык ушул эмеспи.
Кынсыз кылыч байланган
Дөөлүк ушул эмеспи,
Калк башкарып, журт күткөн
Кана журтум, дөөлүк ушул эмеспи!
Катын Чүрөк тоюна
Кетиремин алымды,
Зарып кылам санымды,
Сапырайын барымды.
Кечээ, Жети-Өзөн суунун боюнда
Катын алган Кыяздын
Калкка кылган тоюнда
Өнөр мындай болду деп,
Өлкөсү мындай конду деп,
Калайык чуулап, кеп болсун,
Уккан жанга ушул той
Теги майдай эп болсун.
Жыккан байып алгыла,
Жыгылган куру калгыла,
Өнөр мындай болду деп,
Өрнөк мындай болду деп,
Жарлыктуу кандын оюу деп,
Өрнөгү мындай болду деп,
Калыкка кылган үлкөн дуу
Эрмеги мындай болду деп,
Төшөккө чөккөн чалдарга,
Акыл-эсин жыя элек
Тамтаң урган балдарга,
Көргөн кептен салгыла,
Калык чуркурап, чуу туруп,
Кайран катын тою деп,
Эл кубанып калгыла.
Бу беризаада бейбакка
Малымды кантип аяйын,
Малым эмес, Чүрөккө
Жанымды кантип аяйын?
Аздык кылса бул байгем
Күрдөлүү тулпар, күлүк ат
Тоотору тулпар малым сай,
Жети-Өзөн өңдүү жерди сай.
Ачар болсо бул байгем
Жедигер баштап элди сай!
Мындай кызык чоң тойго
Ики деген оңобу?
Жардык сөздөн аянган
Эгерде эки болобу?
Каны жардык кылганда
Кыжылдады карысы,
Кыргын тийген немедей
Кыжылдады баарысы,
Кан жарлыгы келди деп,
«Калба» – деп «буйрук берди» – деп,
Азоосун кармап экөөлөп,

www.bizdin.kg



Азууларын аркайтып,
Астыңкы эрдин шалпайтып,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп,
Эки өркөчүн домпойтуп,
Чуудаларын чубалтып,
Көргөндө жанды кубантып,
Ичке кек ойлоп төтөлөп,
Таздар байге алсын деп,
Эр Кыяздын желдеттер
Нардан миңди жетелеп,
Кужүрмөндөп бош-боштоп
Эр Кыяздын желдеттер
Ал байгеге саюуга
Миң кара кашка бээ коштоп.
Журт ичинде сңчоң майдан,
Мунарга турду эле,
Калыкка бергис добулбас
Балбан жетип урду эле.
Капчалчынын Кара таз
Кагышканы ал чыкты,
Сынчынын уулу Сары таз
Салышканга бул чыгып,
Өпкөнү колго алышып,
Жылаңайлак, жылаң баш
Жылас болгон куйка таз
Кутурган экөө чабышса,
Көргөн калык кайра кач!
Ай тийгендей жаркырап,
Адамга күлкү эки баш.
Чоң мөрөйүн салышып,
Чийки өпкө менен чабышып,
Алы жогун алдуусу
Ал кетире жанчышып,
Артык кылды тамаша.
Чоң оюнду караса,
Багалектен алышып,
Баатыр, балбан чалышып,
Көк букадай челишип,
Ач буурадай жулушуп,
Ач бөрүдөй бир-бирин
Жеткен жерин булушуп,
Бу балбандын бир жагы
Кабылан канкор үйүндө
Чоң зыйкырчы бар экен,
Зыйкырчыдан туулган
Карадөө дегин жан экен.
Мунун айткан сөзүнө
Мурунтан мура болчу экен,
Канкор шердин өзүнө.
Карадөө жайын сураба,
Каарланса адамдын
Башын жулуп алчу экен,
Өлүм жакты туштаган,
Чындап жини келгенде
Төөнү жара муштаган.
Балбандыгы башкача,
Баатырлык түрү бир мынча,
Чылгый балбан Карадөө
Эрендин түрү ушундай.
Бука булчуң буура сан
Булкушса жанды кууратkан,
Кең көкүрөк, арыслан төш
Келишимдүү жан экен.
Көкжал Семетейдин барында
Ок өтпөс тонду кие элек,
Оолугуп жоого тие элек,
Өзү жаштоо жан экен,
Канкорго жолдош боло элек,
Арманы ашык жан экен.
Айчүрөк менен биригип,
Олжого келген жан экен.
Жедигердин Кутчечен
Багып алган бала экен,
Аны Таластан олжо алды деп,
Эл оозуна кире элек,
Карадөөнүн кандайын
Калык которуп биле элек.
Карыясы Кутчечен

www.bizdin.kg



Баласы жок жан экен,
Карадөө менин уулум деп,
Бала кылган чагы экен.
Тон күлдүүсүн кийгизип,
Тулпар атты мингизип,
Эрешен тартып эр кылып,
Эр уулу менен тең кылып,
Эч адам билбейт атагын
Көп тамаша, үлкөн дуу
Көрүп турган калың журт
Кыязга салчу чатагын.
Которсо далай кеби бар,
Кордук көрүп талалган
Кан Кыязда кеги бар.
Чылгый балаа Карадөө
Чыдай албай өрт болуп,
Чын жаңжалды салууга
Эки көзү төрт болуп,
Күйүп-жанып, чок болуп,
Жалгызынан токтолуп.
Жолдош болсо Карадөө
Чымындай жанын аябай,
Мушташкан турат өзү жөө.
Чийген жүрөт сызыкты
Баштаган турат бузукту,
Бузган турат санааны
Чапчышары эр Кыяз
Бул кылганы жүрөт балааны.
Мунун көкжалы бөлөк көзү тик,
Бул көп адамдын сөзү тик,
Ок жыландай октолот,
Белгилүү Талас жери жок
Ошояктан токтолот.
Мына ошондо Карадөө
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча,
Белес экен, бел да экен
Белге таңуу эр экен,
Белсене чыгып балбанга
Бет алышкан кези экен.
Жедигердин балбанын
Желкеден кармай калганы,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Көтөрүп уруп салды эле,
Байгеге салган көп дүйнө,
Атасы Кутман карыя
Ийрип жатып калды эле,
Балбандыгы, эрлиги
Карадөөдөй киши жок,
Семетей журту экенин
Эч адамдын иши жок.
Бакандары майышса,
Майданда мөрөй сайышка,
Олжодогу боз бышты
Опсуз тулпар мал экен.
Боз быштыны минди эле,
Баатырдан калган ок өтпөс,
Ич этинен кийди эле,
Сырт жагынан кийгени
Эндей кара кементай,
Эндөөлөгөн кургур ай.
Чоктон кайра тартабы,
Сыр албаган жедигер
Аны эр деп бир жан айтабы?
Эңиштен бу дөө кайтабы?
Айзаларын шайланып,
Таш төбөлүү майданга
Эңишке чыкты камданып,
Астындагы боз бышты
Кетмен туяк, кең соору
Кең Таластын бууданы,
Келишимдүү бу дагы,
Семиргени сүмбөдөй,
Секиргени бүргөдөй,
Куландай кулак жапырган,
Тукуму тулпар жаныбар
Куюндай жерди сапырган,

www.bizdin.kg



Ооздугун чайнаган,
Бугудай көзү жайнаган,
Кең көкүрөк, тайкы жал
Керишке минер абыдан
Болумдуу тулпар боз бышты.
Айбанда болсо жаныбар
Карадөө менен дос бышты,
Жүгүргөндө семирген
Чын күүлөнсө жаныбар
Ооздугун кемирген.
Минген аты боз бышты
Карадөө чыкты сайышка,
Дагдыр жетсе өлүүдө,
Чамасы келсе Карагул
Сайышка чыкчу эрениң
Кызык кылып берүүдө,
Олжого келген кайран эр
Жедигер түмөн, бу жалгыз
Чапчыса келбейт чамасы.
Баласыздын баласы,
Олжодо жүрүп сайышкан,
Кайран жанды аябайт,
Карадөөнү карачы.
Күйүп-жанып чок болуп,
Жеңесин Кыяз алган соң,
Ал Карадөө байкушуң
Кантип турсун токтолуп.
Төлгө кылып зыркырап,
Ыйлап жүрөт буркурап.
Кайгырганда жигитке
Кадыр түн өндүү түн барбы?
Кайрылып Талас жеримди,
Таласта кыргыз элимди,
Кайрадан көрөр күн барбы?
Кара-Буура, Чаткалга
Кастар тиктиң кудурет
Кайкалап кайра жатканга.
Он эки дүрмөт, сексен ок
Омуроом чырмай кабылып,
Айла таппай сабылып,
Баатыр Кыяз колуна
Олжо болуп жатканга
Ардыгам өлбөй кайгырып.
Он эки куйрук кырк чалгын
Ойлонсом учуп кетүүгө,
Самаган жайга жетүүгө,
Каралды кылган канкор шер
Кан абамдан айрылып,
Белестүү кара белимден,
Айрылып калдым үшүнтүп
Канчоро өңдүү шеримден.
Өлбөй-житпей жан болсо,
Баана кылган байкушум
Шер атанган кымбат эр
Күлчоро аман бар болсо,
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизип,
Кадырман кайнап, бир толсо,
Кайра тартып көз көргөн
Күл абам көрөр кез болсо,
Көөдөндө күптүү жазылса,
Бүркөлгөн кабак ачылса,
Айкайлап алты ай салышып,
Аттигине, жок заман,
Кыяздын ору казылса,
Олжого келген кул-күңдүн
Кабагы жара ачылса,
Арыган ат семирип,
Ачкан курсак тоюнса
Калк бүлдүргөн Канчоро
Кара көзү оюлса,
Кас душмандын баарысы
Кадимкидей союлса.
Бейлеп көрсөм бейлимди
Күрмөлгөн тушоо чечилип,
Кайра көрсөм жараткан
Таланган кыргыз элимди.
Чер жарылып көөдөндөн

www.bizdin.kg



Эрендин дарты басылса,
Чыккандар айыгып жүрөктөн
Күн кабагы жазылса.
Кырсык кыйрап кесилсе,
Тушоонун баары чечилсе
Капалуу көөдөн басылып,
Кайгынын баары чачылып,
Боздогон муң-дарт басылып
Кайрылып дөөлөт жөнөсө,
Курсакта калган медерди
Куурап шордуу Айчүрөк
Айдай сулуу жеңекем
Берен Семетей уулу дедиртип,
Адырлуу белес капчалдан
Булак калды дедиртип,
Асыл айкөл беренден
Чунак калды дедиртип,
Алыша турган Кыязга
Чамаа калды дедиртип,
Арыслан шер Семетей
Эркек кубат, бир медер
Бала калды дедиртип.
Орундуу болсо ишибиз,
Туура келсе түшүбүз,
От-жалындай дыркырап,
Тутанып жан күчүбүз.
Балаадыр ичкен ашыбыз,
Олжодо жүрөт башыбыз,
Тогуз жыл какшап боздосок
Тыйылбайт көздөн жашыбыз.
Өзөндөн жаман өрт чыгып,
Канчоро болду касыбыз,
Олжого кетти башыбыз,
Кетти шайман алыбыз.
Кулады түптүү сайыбыз,
Казылган калың орубуз
Байланган эки колубуз,
Касапталдык карыбыз,
Куйду кымбат жаныбыз,
Музоо багып кор болду
Каныкей эне карыбыз.
Каныбыз калды бир кашык,
Этибиз калды көк жашык.
Кең замана бак келди
Буудай батпас бул оозго
Буудан шерден айрылып,
Бу жерге олжо болгону
Буканын башы чак келди.
Мелтиреп көз жайноодо,
Турабыз күң, кул байлоодо,
Кымбаттуу кызык түн болсо
Кызык бакты, таалай тууп,
Айдай сулуу Айчүрөк
Эркек төрөр күн болсо.
Маңдайдагы булак деп,
Баатырдан калган чунак деп,
Эр атагы билинсе,
Таласта кыргыз, көп аргын
Медер кылып сүйүнсө.
Сан карача төө экен,
Сан кара кашка бээ экен,
Жеңең эркек төрөсө,
Азатка чыгып кайран баш
Таласты көздөй жөнөсө.
Жуулса артык шорум а,
Күнүм тийип кайрадан
Күл абам тийсе колума!
Эренин жыгып жай алайын,
Келер-кетер иш жакка
Эми төлгө салайын.
Картайганда кан Бакай
Төрөнү Кудай көргөзсө,
Карыганда Каныкей
Какшоо менен күн өткөн
Энемди Кудай көргөзсө.
Тоосунда кары бар,
Токоюнда чары бар,
Будурунда бугу бар,

www.bizdin.kg



Адырында аркар бар,
Тектиринде теке бар,
Куу түзүндө кулан бар,
Күнгөйүндө күмүш бар,
Булак агып ташыган,
Булбул сайрап таңшыган,
Муңу бар адам жашыган.
Талынын башы ийилген,
Кумунун үстү чийилген,
Жер алтыны билинген,
Жергелүү Кең-Кол, кең Талас
Жеримди Кудай көргөзсө.
Аны берер чак болсо,
Астыма таалай бак толсо,
Арт жакты Кудай оңосо,
Эрегишкен балбанга
Эңкейип айза сунайын,
Төлгө кылып айзаны
Чоң Күжүрмөн балбанга
Кыйкырып айза урайын.
Кудай уксун жашымды,
Кууратпаса башымды,
Жетик төлгө салайын.
Төлгө кылып башымды,
Күжүрмөндү саяйын.
Күжүрмөн сайсам окустан,
Ыргыта сайсам кокустан,
Иш дөөлөтүм жөнөйт ко,
Каралды кылып отурган
Жеңекем эркек төрөйт ко.
Жыгылып аттан куласам,
Күжүрмөн сайса урасам,
Төлгө салып көрөйүн,
Олжолуу кул дедирбей,
Күжүрмөндөн жыгылсам
Ажалдан мурун өлөйүн.
Барса келбес чын жайды
Бадырек бу жан көрөйүн!
Сайышка чыккан Күжүрмөн
Кайраты толук шер экен,
Атка балбан, жөөдө жок
Аябаган эр экен.
Оттон качпайт барыштан,
Айза сунган алыстан,
Эпсиз балбан Күжүрмөн
Эчен жол чыккан жарыштан.
Эңишсе балбан койбогон,
Кысыр эмдүү бир тайга
Бир жегенде тойбогон,
Күүлөнгөндө Күжүрмөн
Эчен адам калтылдап,
Эси чыгып токтолгон,
Эки көзү чоң болгон.
Ааламдан ашкан шок болгон,
А барган жан токтолгон.
Уңгусу болот айза алган
Эчен эбак бу чиркин
Кан төгөргө камданган,
Күжүрмөн жайы ушундай.
Капыр менен бусулман
Кагылышып турганда
Караса мүшкүл иш кылып,
Кытай дөөсү талкалап,
Кыргыз журтун кырганда
Кара кайсар, жөө күлүк
Кара керик мал минип,
Жекеге чыгып турганда,
Эрен экен Күжүрмөн
Жекеге айза сайды эле,
Кара кайсар күлүктүн
Керигинен кулатып,
Башын кесип алды эле.
Кан калайык таң калып,
Күжүрмөн мындай мыктуу деп,
Күрөшкөн дөөнү жоготуп,
Эченин жерге тыкты деп,
Эрен да экен, шер да экен,
Айза алган адам уулунан

www.bizdin.kg



Асты эбак чыкты деп,
Кас душмандын баарысын
Казбай жерге тыкты деп,
Калыктан чыккан мыктуу деп.
Кырчылдашкан душманга
Кыйла жаңжал салыптыр,
Күлчоро кул абаңдын
Эки катар далысын
Ошо Күжүрмөн кесип алыптыр,
Токойду бузуп жол кылып,
Адамдын шери Күлчоро
Абакемди кор кылып,
Ачкан экен жараны,
Салган экен балээни.
Кылган экен кордукту,
Баштаган экен зордукту.
Айта берсе түгөнбөс
Бүтпөгөн сөздө чала бар,
Аны менен сайышчу
Эр Карадөө бала бар.
Ар жагы Кең-Сай, Алай бар,
Өзүң көргөн Карадөө
Көңүлүндө далай бар,
Төлгөгө айза салууга
Эбине келсе, Күжүрмөн
Курмандыкка чалууга
Кур дегизе айзасын
Бет алган жерге малууга.
Эбак мүшкүл, күйгөн ич
Күлчоро кегин алууга,
Кургурдун жайы ушундай.
Төлгө кылып Карадөө
Эрендин көөнү бөлүнүп,
Эки беттен аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Тегерегин карабай,
Теги өлөрүн санабай,
Айза алганда кенебей,
Топтоп каптап кетет деп,
Эр Кыяздын көп элин
Бучкагына теңебей.
Күл шайкы тон кийип,
Күлдүү бадам ат минип,
Күлүгүнүн куйругун
Аземдеп байлап, шарт түйүп.
Түлөгөн жору каштанып,
Жаткан жолборс баштанып,
Эңишке чыгып Күжүрмөн
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Кебетеси, зорлугу
Боз дөбөдөй көрүнүп.
Чамынышы жолборстой,
Чалышкан аман болбостой,
Чалгырлыгы камандай,
Жаргычтыгы бөрүдөй,
Арбаңдашы аюудай.
Айза урганга Күжүрмөн
Айт! – дегизбей жеткидей.
Кез болгонду бөктөрүп,
Кыраңга түшүп кеткидей,
Кылчайгандын түбүнө
Кызырканса жеткидей.
Каарланган качкандай,
Касташканды Күжүрмөн
Кармап алып жанчкандай.
Беттегени темирдей,
Белсениши сеңирдей,
Булкунушу буткулдай,
Бурулганды жуткудай.
Келген мөрөй байгени
Кеп кылбастан уткудай.
Келген экен Күжүрмөн
Эрген ылайык өзү зор
Сайышка чыкты ошо жол,
Мыктуулугу дагы бар.
Ай-ааламды жөөлөгөн,
Сайыш менен мөрөйдү
Дым дедирбей кутургур

www.bizdin.kg



Жети-Өзөндөн ээлеген.
Кармашты катуу баштаган,
Кас душманга кез болсо,
Үңүрөйгөн орой кул
Үзүп-үзүп таштаган,
Карaанын көргөн таң калган,
Айзасын жезден орогон,
Алышкан адам кологон.
Күжүрмөнгө кабылып,
Эчен балбан сойлогон.
Калк ичинен Күжүрмөн
Бадам атка камчы уруп,
Карагайдай айза алып,
Каарланып жайланып,
Чийлүү кашат, таш майдан
Эңишке чыкты жулкунтуп,
Ээң өлгүрдүн тулпарын
Ээлендирип булкунтуп.
Карадөө жайын сурасаң
Этене тайтаң балараак,
Ар бир сөздөн чалараак,
Боз сеңир тоону жөлөнүп,
Боз ала чаңга бөлөнүп,
Мөрөйгө мурда чыга элек,
Беттешкенде эр сайып,
Элге атагы чыга элек.
Кара байыр казанат
Калбыр өпкө, жез билек
Кагышка минер боз бышты
Туулганда баптаган,
Туура тулпар экен деп,
Карадөөгө сактаган.
Тотудай куйрук чубаган,
Кайып катын жез тумшук
Кадыксиз күлүк экен деп,
Ошол көрүп сынаган.
Эл көрбөскө бактырган
Эчен сынчы зайыпкер
Туулганда кан Кошой
Калк атасы карыя
Калк эскирткен олуя
Кошой көрүп жактырган.
Алыстан келип Билерик
Сураган экен имерип.
Султан көкжал Семетей
Сураганга бербептир,
Бу камбар ата боз бышты
Жылкы ичинде жүрөр деп,
Эмгектүү башка иш келсе,
Эсил жанга күч келсе
Эл билбеген Карадөө
Ал кыраанproblemым минер деп.
Мураа болор өзүмө,
Жобоп ыйлап Карадөө
Жоголгон маа күйөр деп,
Киши көргүс кумпай деп,
Далайдан өйдө тулпар деп,
Мунун аркасы өйдө, зээри бас,
Бу ар кайда минсе арыбас.
Бу чылбыры тутам талдырбас,
Бу айгыр салып ат бычса,
Миңгенин жоого алдырбас,
Бу кулан менен куугандыр
Бу Кайып чалдын Карагер,
Жортулчунун Жоругер,
Эр Төштүктүн Чалкуйрук,
Бул ошолор менен туугандыр.
Бул жеткен тулпар даанасы,
Төрөлүү төртөө бир тууган.
Жел кайыптын баласы.
Кайыбында кабылган
Агала сакал Кызыр чал
Кызыр чалдын колунан,
Арабанты, Бууранын
Ары төмөн жанынан,
Анжыяндын ар жагы,
Маргалаңдын быягы,
Кулунунда кутургур

www.bizdin.kg



Күлчорого табылган.
Тайында куйрук чубаган,
Тар жерде мураа болор деп,
Кайран катын чоң билгич
Каныкей энең сынаган.
Ээлентип абай жаптырган,
Эл көрбөскө бактырган.
Боз бышты жайы ушундай.
Кечээ, көкжал көзү жоголуп,
Кармап алып Канчоро
Оң далысын ойгондо,
Алтымыш катын, тул жеңе
Артыкча чабуул болгондо,
Жедигердин эр Куту
Ал ак бейил жан экен,
Бир адамга билгизбей,
Бир кишиге тийгизбей,
Андай-мындай жегизбей,
Адамга олжо дегизбей,
Ок өтпөстөн кийгизип,
Ок жетпеген боз бышты
Карадөөгө мингизип,
Алган экен эр Куту,
Атын коюп Карадөө
Салган экен эр Куту.
Карадөөнү карачы,
Карадөө жайын сурасаң –
Кадимки эле эр Кутунун баласы.
Айтылса далай кеби бар,
Карадөөнүн ичинде
Аласкар тоодой кеби бар.
Карадөө жайын сурасаң
Бадыраң темир курч болбой,
Башка өскөн кыраан журт болбой,
Каракул жайын сурасаң
Буйгаты болду сөзүндө,
Мунун бузугу жүрдү көзүндө.
Мунун чалгырты жүрдү көзүндө,
Мунун кыңырты болду өзүндө,
Кыйшыгы болду көзүндө.
Кыябын тапса Карадөө,
Кылмак болду эр Кыяздын өзүнө.
Мына ошондо Карадөө
Капырай, кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай,
Каары бетине айланып.
Билеги жоон, таш жүрөк
Бул бил мүчөлүү баадырек
Бу комокойлуу айзасын
Колойтуп өйдө аштаган.
Бу койгулаша кеткенде
Коёндой жерге жанчтаган,
Койгулаша кеткенде
Коркуп колтук ачпаган.
Айласы катуу, заары күч
Катылганды кылган түз.
Балалыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча,
Карадөө жайын сураба.
Жүргөнүнөн чаң чыгат,
Добушунан жан чыгат,
Бет алса элди үркүткөн,
Эңгичтиги бүркүттөй,
Көкжалдыгы карасаң
Көкчө көздүн көзүндөй,
Чылгый балаа Карадөө
Чын Семетей өзүндөй.
Эрте сөзү кеч болуп,
Багыштын уулу Кыязга
Беттешип жаңжал салууга
Теги турат момунун,
Теңдешип кек алууда.
Чамасы келсе чапчышып,
Ою Чүрөк Карадөө
Капкайда кекти алууда.
Жоктогону Семетей,
Жоолашары эр Кыяз,
Учурганы – Күлчоро,

www.bizdin.kg



Урушаары – Канчоро,
Семетейдин колунда
Алдейлөөгө эркеси,
Карадөө жайын сурасаң
Артым кандай болот деп,
Мына ырымдаган төлгөсү!
Төлгөм туура төп болсо,
Күжүрмөнүн соёрмун.
Төлгөм туура болбосо,
Балбандан өлүп калармын».
Деп, ошентип, Карадөө
Астындагы боз бышты
Оңбуй-солбуй  камчы уруп,
Оңдоп-солдоп теминип,
Тулпар оозун бурду эле,
Күжүрмөндү бет алып,
Күркүрөп айза сунду эле.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгунча,
Акканкы ээрдин кашы деп,
Ары тайса бул айзам
Как жүрөктүн башы деп,
Качырып келип урду эле,
Кудай бетин көргөзбө,
Чакчелекей чаң болуп,
Майдандын баары кан болуп.
Карадөө кандай болор деп,
Калк жарланып эл толуп,
Карасаң мындай иш болуп,
Айзалашып урушса,
Айза сынды быркырап.
Айза учунан акбула
Асманга учат дыркырап.
Орой тийчи айзалар
Орто белден кычырап.
Үзөнгүнүн боолугу
Быт-быт болду бычырап.
Күжүрмөн менен Карадөө
Күчтүү сайыш кылышты,
Жан ташташып эрендер
Күрсүлдөшүп турушту.
Калык чуркурап дуу болуп,
Катын кара чуу болуп,
Карадөө менен Күжүрмөн
Айза сунуп жетишип,
Кайра тартпай эрендер
Былчылдаша кетишип.
Эр айласын табышып,
Айзадан айла кеткенде
Айбалта менен чабышып.
Алаңгир жаа, сыр жебе,
Айтса дүмөк аңгеме.
Балтанын баары быркырап,
Сабы колдо калышып,
Калк чуркурап, дуу болуп.
Эл кыйкырып, чуу болуп.
Олуя чалган батасы,
Жедигердин эр Куту
Карадөөнүн багып алган атасы
Сурбузул менен желди эле,
Карадөөгө кайрылып,
Жаңыдан айза берди эле.
Тон жакасы булунум,
Эр Карадөө кулунум!
Өлбөгөндөн калышкын,
Жетик балбан Күжүрмөн
Жети күн тынбай сайышкын!
Эрен болсоң, ок болгун,
Баатыр болсоң, шок болгун!
Бой беренип турушкун,
Амыз, арга тырышкын.
Ай, Карадөө, кулунум
Тору чунак бээден
Тоорулга минер ат туубайт,
Томсоргондо атаңдан
Карадөө, сендей уул туубайт.
Мандайлашып турушкун,
Мыктап бакан урушкун!

www.bizdin.kg



Көп жедигер калың эл
Тамашаңа караса,
Сайган айза кыйрасын.
Таамай тийген тулпар ат
Боортоктоп суласын.
Бет алып бекем муштасаң
Өлчөөгө айза илинсин,
Кутунун уулу мыктуу деп,
Ары атагың кулунум,
Ашкере журтка билинсин.
Күжүрмөн балбан экен деп,
Улуу карган, көргөн журт
Жанынан чогуу түңүлсүн,
Жалгыз элең, орой бол,
Көп жанынан түңүлсүн!
Жарды болсоң март болгун,
Таш куйкалап шарт болгун,
Бай жанынан түңүлсүн.
Баатыр болсоң, балбан бол,
Кан жанынан түңүлсүн.
Айза сайсаң, мыктап сай,
Күжүрмөндү ыктап сай.
Каардуу күчүн баштасын,
Мөрөйгө чыккан Күжүрмөн
Жандан кечип таштасын.
Баатырсынган Күжүрмөн
Калык чыгаан балбанды,
Бука көөдөн, тарс кыял
Көөп калган дардаңды,
Таамай сайып, төп мушта,
Таамайлап кармап бек мушта!
Күжүрмөн аттан учту деп,
Журт өзөктөп, эл чуулап,
Кыргызга мындай кеп болсун,
Балбандыгың, эрдигиң,
Калың журтка эп болсун!
Калайык элге кеп болсун,
Айза сунуп, чеп карма,
Аңтандабай кулунум,
Шашпай бойду бек карма.
Күжүрмөн кетсин каруусу
Тон-тоздору бөлүнсүн,
Эпсиз балбан экен деп,
Кутунун уулу көрүнсүн!
Бере, сур куланы малга кош,
Картайганда атаңды
Уулу балбан дедиртип,
Бул атаңды санга кош!
Куту жетип муну айтып,
Билгенге кызык шумду айтып,
Айзаны берип колуна.
Карадөө салды жолуна.
Атасы Куту айтканда,
Айта салып кайтканда,
Мураа кылып бул сөздү,
Карадөө жайы ушундай,
Тегерегин карабай
Калк жайнаган жедигер
Тегеле жанын аябай,
Кубаттанып Карадөө
Чоң мурундан чок чыкты,
Эки көздөн от чыкты,
«Төбөгө жазган буйрукту
Кааласа куу жан көрбөйбү!
Күн түгөнүп, суу бүтсө,
Акыры киши өлбөйбү!
Күрсүлдөгөн Күжүрмөн
Күчөп айза саяйын
Күчтүүсүнгөн балбанга
Күрсүлдөшүп сайышып,
Бир мөрөйүн алайын.
Ал жетпесе курган жан
Күжүрмөндөй балбанга
Мен жыгылып калайын.
Ителгидей кылчактап,
Капталынан чыгайын,
Калк балбаны Күжүрмөн

www.bizdin.kg



Аңгекке башын тыгайын».
Деп, ошентип, Карадөө
Боз тулпар оозун бурду эми,
Чыканактын бети деп,
Талуу кара кабырга
Аралаш орто чети деп,
Саюучу жердин өзү деп,
Тоо болбосо Күжүрмөн
Токтоо бербес айзага.
Тоголонор кези деп,
Шамдагайы болжолсуз,
Шапа-шупа жетти эле,
Күжүрмөндү Карадөө
Күпүп муштап өттү эле.
Муштап өткөн жеринен
Карандай була чубалды,
Калк чуркурап, чуу туруп,
Карадөөгө кубанды.
Болумсуган Күжүрмөн
Тоо кулаган немедей
Тулпарынан урады.
Жер боортоктоп сулады.
Аңкилдек атып жыгылды,
Майдамга каршы тыгылды,
Күжүрмөн аттан түшкөндө
Карадөө мөрөй алды деп,
Журт чуркурап, чуу болду,
Асман жарган дуу болду,
Эр Кутунун Карадөө
Балбандыгы билинди,
Эпсиз баатыр экен деп,
Эл жанынан түңүлдү.
Кең багалек, жайык төш
Келген балбан экен деп,
Алышкан жанга бир кыргын
Салчу балбан экен деп,
Беттешкенге бир бейпай
Салчу балбан экен деп,
Боконо сөөгү болгондо,
Борбуй эти толгондо,
Балалык муун жоголуп,
Баатырлык жакка оңолуп,
Карадөө мындай болгондо,
Ордо күтүп кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп,
Жандан болот экен деп,
Калк башкарып, эл күткөн
Ээ... адам, балбан болот экен деп,
Мөрөйдү сайып алды эле,
Кутман акең баш болуп,
Сан казына, түмөн мал
Сан байгенин баарысын
Талап жатып калды эми.
Мурун талап алганда
Кызыл куйрук нар алып,
Кызык ай, нечен мал алып,
Эбин тапкан эң кылдат.
Карача каймал төө алып,
Эң бир кыйын азамат
Кара кашка бээ алып,
Көңүлдөрү жай болуп,
Байге алганы бай болуп,
Баатыр экен Карадөө
Жанына жармак салбастан,
Жалгыз бээни олжо деп,
Чылбырына чалган жок,
Олжого буюм алган жок,
Төлгө жышаан төп келди,
Көңүлдөрү жай болду,
Мөрөйдү алган Карадөө.

www.bizdin.kg

## БИРИНЧИ ЖАНА ЭКИНЧИ КИТЕПТИН АЙРЫМ СӨЗДӨРҮНҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Аалам** (*ар. алам*) – бүткүл дүйнө, бардык жаратылыш. Бүткүл жер жүзү.

**Абайы** – (*ар. абай*) – саймаланган ат жабуу.

**Агача** – ак жуумал жүз, өң.

**Азан** – «кабардоо», «билдирүү», «жарыялоо» – мусулмандарды намазга чакыруу.

**Азыз** – ардактуу, кадырлуу, ыйык, кымбат, аздек.

**Азырейил** – жан алгыч периштенин аты.

**Азуу саюу** – жылкынын азуу тишинин өсүп чыгышы.

**Айдар** – эркектердин өрүлгөн төбө чачы.

**Айдың** – жарык нурдуулук, улуулук, бийиктик.

**Айкөл** – айдай жарыктык, көлдөй терендик, көтөрүмдүүлүк, жоомарттык, кечиримдүүлүк.

**Айчык** – айдын кичирейтилип айтылышы.

**Акка мойнун бурду** – ислам динине кирүү, бир Кудайды (Алланы) таануу.

**Ак каңкы** – ээрдин өзүнчө түрү – алдыңкы жагы жазы жана тегерек формада болуп, анын бети оюу-чийүү, күмүш ж.б. асыл заттар менен кооздолот.

**Ак келте** – Манастын мылтыгынын энчилүү аты.

**Ак олпок** – олпок – жоокер найза кылыч, айбалта жана жебелерден сактаныш үчүн кийген шырыма сырт кийим.

**Албарс** – мыкты, өтө курч болот. Ошол болоттон жасалган өткүр, курч курал-жарак.

**Алда//Алла** – Кудайдын адепки аты.

**Арбак** – өлгөн адамдын руху, куту. Ыйык адамдардын же белгилүү ата-бабалардын жогорку күчкө ээ руху (культу).

**Аса-муса** – думаналар алып жүрүүчү таяк.

**Ат соорусун салуу** – атчан жоокерлердин жоодон качышы.

**Ач албарс** – албарс – мыкты, өтө курч болот.

**Аяр** – шылуун, амалкөй, куу, кыяр. Сыйкырчы, дубакөй, көзү ачык.

**Багылан** – торолуп жетилип, энесин эмбей калган козу.

**Багымдат** – таң, таң жарыгы. Мусулмандар парз катары күн сайын окуй турган намаздын эң биринчиси.

**Бадана** – баатырлардын ок өтпөс, кооздолуп жалган соот тону.

**Бажы** – салык, алым. Малдан алынган кесим.

**Баймактоо** – жылкыны тизеден ылдыйкы бир бутунан аркандоо.

**Бакалоо** – пааналап, каралап жашоо, жүрүү. Кароо, көзөмөлдөө. Жол чалуу, байкоо, кароо.

www.bizdin.kg



**Бакыр** – материалдык же руханий жардамга муктаж адам. Кедей, жарды.

**Бардег** – билгич, акылман, даңгыл.

**Бейбак** – бактысыз, таалайсыз, кешиги жок, шор маңдай.

**Бек** – эпосто уруунун, элдин башчысы, башкаруучусу деген мансаптык титул катары айтылат.

**Беренжи I** – жибек кездеменин бир түрү.

**Бор кайнатуу** – боркулдатып катуу кайнатуу.

**Бороз** – каны кайнап кызуулануу. Сезимталдуу абалга келүү.

**Бир сан кол** – эсепсиз көп, он миң; бир сан кол – он миң кол.

**Бичик** – китеп, жазуу. Жазуу процесси. Колу. Эпосто кытай-калмактардын жазуу, китеби.

**Булдурсун** – бодо малдын терисинин катуу жеринен кесилип алынып кайыш жасалып өрүлгөн, учуна коргошун уютулган оор камчы.

**Бурак** – Мукамбет пайгамбардын кереметтүү унаасы.

**Бурут** – орто кылымдын соңку кезинде ойроттордун (калмактардын), андан кийин аларды тууураган кытайлардын кыргыздарды шылдыңдаган түрдө аташы. к.1.).

**Бөрсө** – кенгуру.

**Буйгат** – жашырынууга ылайык жер, көздөн далдаа жер.

**Бууракан** – кыргыздын шамандык ишениминде суунун ээси.

**Бүлдүргө** – камчынын боосу.

**Бүрүк** – сүннөткө отургузулбаган эркек бала.

**Бышман** – өкүнүч, кайгы.

**Даңкан** – ат чуркаганда туягы казып учкан топурак, майда таш, кар ж.б.

**Дене кул** – өмүр бою кул.

**Дооруk** – капсалаңдуу окуя, кырсыктуу иш.

**Долу** – беттегенин бербеген, көк бет, ажаан аял.

**Доолбас//Доол//Добулбас** – анча чоң эмес барабан.

**Дөөтү** – курандагы персонаждардын бири.

**Дүңгө кур** – жүндөн токулган узун белбоо.

**Дүрүйө** – эки бети бирдей жибек кездеме.

**Жабуу-жабуу** – «Жүргүлө!», «Келгиле!» – деген калмактардын ураан сөзү.

**Жар** – жолдош, дос, жубай.

**Жеке** – булгаарынын жумшак ийленген түрү.

**Жер кайгуу** – жоонун четинен кайып өтүп чалгындоо.

**Жин** – мусулмандардын мифологиясында Алда акылдуу жараткан үч жандыктын бири.

**Жолум үй** – чакан, кичирээк боз үй.

**Зардап** – кысым, зордук, жабыр.

**Зубун** – уруу, топ, бөлүк.

**Зумурат//Зумурут** – баалуу, асыл таштардын бири. Тунук, кемтиги жок күңүрт – жашыл зумурут алтындан жогору бааланат.

**Зыйкыр//Сыйкыр** – аярлык, көз боочулук, арбоо, магия.

**Зыярат** – ыйык жайларга барып табынып кайтуу.

**Илек** – жүз миң, сансыз, эсепсиз көп.

www.bizdin.kg



**Искендер** – Иран мифологиясында жана эпосунда Александр Македондук, Курандагы Зул-Карнайн мүйүздүү) деген персонажка туура келет.

**Ителги** – шумкарлар тукумундагы жырткыч куш.

**Ит уруш** – тандалган жоокерлердин душмандын көп колунун алдына түшүп качып берип, улам жеткени менен кармашып, кайра качуусу.

**Кадиктүү** – коркунучтуу, шектүү, күчтүү, кудуреттүү, мыкты, сонун.

**Кадыр түн** – мусулмандардын ишениминдеги касиеттүү түн. Бул түн орозо айынын 27-күнү.

**Кажыр//Ак кажыр** – карчыгалар тукумуна жата турган жырткыч куш.

**Казанат** – күлүк аттардын бир породасы.

**Кайып** – алданын өзүнө гана белгилүү, эч бир жандын акылы жеткис жашыруун сыры, билими.

**Калдай** – аскердик кенже наам, штаб офицери.

**Календер** – үй-жайы жок, кайырчылык менен күн көргөн дербиш.

**Калча II** – тоолук тажиктер.

**Камбар//Камбар ата** – түрк тилдүү мусулман элдеринде жылкынын пири, колдоочусу.

**Кандагай** – тоо текенин терисинен жасалып, баатырлар жоого, балбан күрөшкө кийүүчү атайын шым.

**Капка** – орто кылымда шаарды айланта согулган чептин (коргондун) дарбазасы.

**Кап-Тоо** – мусулмандардын мифтик легендасы боюнча бүткүл дүйнөнү курчап алган туюк тоо.

**Кара байыр казанат** – жөнөкөй жылкы менен түркмөн жылкысынын аргындашуусунан чыккан аргымак чалыш жылкы.

**Карабчы** – колду, карууну жоо куралынан сакташ үчүн жеңдин сыртынан кийилген жоо кийим.

**Кара чок** – эркектердин бөркүнүн төбөсүнө тагылган чачы.

**Карсак** – жойлоочу жырткыч жаныбарлардын жалпы аталышы.

**Келеме шарып** – ыйык сөз, куран.

**Келеңкер чачпак** – ар түрдүү желбирөөч, шылдырактар кооз жипке тизилген коздук буюм, аны аялдар чачына кошо өрүп тагынган.

**Келте** – кыска чолок мылтык, обрез.

**Керик** – эпосто душмандын алптары, дөөлөрү минип жүргөн унаасы, көбүнчө маңдайында жалгыз мүйүзү бар бука түрүндө элестетилет.

**Кечил** – ламаизм динindeги элдердин дин кызматкери.

**Кисе** – капчык, булгаары капчык.

**Кожокмат** – эпосто колдоочу пирлердин бири.

**Коросон//Корошон** – чечек оорусунун ээси.

**Кошуун** – черүү, кол, аскер.

**Кумпай** – шумкардын кыраны.

**Кундак** – жаңы төрөлгөн баланы (бешикке салганга чейин) бөлөй турган койдун жүнүнөн же төөнүн чуудасынан жасалган төшөк.

**Курмандык чалуу** – кандайдыр бир чоң тилек тилегенде же ошо тилеги ишке ашканда Кудайдын же адамдарды колдоо касиетине ээ болгон сырдуу күчтөрдүн атына арнап мал союу.

www.bizdin.kg



**Кут** – кыргыздын шамандык дин ишеними боюнча боз үйдүн түндүгүнөн түн ичинде коломтого түшкөн жана аны алган кишиге бакты-таалай, түбөлүк жыргалды берүүчү кочкул кызыл түстүү эриген коргошундай көлкүлдөгөн зат.

**Кушбек** – Кокон хандыгында хандан кийинки мансап.

**Күлазык** – көпкө бузулбай турган, алыскы жолго арналып жасалган кыргыз элинин байыркы тамак-ашынын бир түрү.

**Күп** – бодонун терисинен кымыз, бозо ачытуу үчүн жасалган чоң идиш.

**Күпчөк** – төөнүн терисинен жасалган чака.

Кызыл чок – эркектердин бөркүнүн төбөсүнө тагылган чачы. Чоктуу бөрк кийип жүрүү анын даража белгисин билгизген.

**Кыргак** – найзанын болот учу.

**Кырмызы** – кызыл жибек.

**Кырк чилтен** – *колдоочу.* Мифологияда адамдын көзүнө көрүнбөгөн, сүйгөн кишилерин колдоп, жакшылык кылуучу касиеттүү дух.

**Кыркып ийип чыбыгын** – Кудай алдында ант берүү расмиси.

**Кыямат, же кыямат кайым** – тиричиликтин, жашоонун бүтүүсү, акыр замандын келиши.

**Маржан** – *ир.мэрджан* – кызыл шуру.

**Машаяк** – кадырлуу карыя, арабдардын уруу башчысы, дин башчыларынын ардактуу наамы.

**Муңчу** – Букара жана Кокон хандыгындагы кызмат адамы, анын милдети ханга элдин арызын жеткирүү болгон.

**Мураапы** – ата-бабадан калган энчи.

**Мурат** – ак тилек, максат.

**Мурап** – ат багуучу.

**Мурут** – эшендин же шайыктын жолун жолдоочу.

**Наркескен** – ийри кылыч.

**Оңко** – чүкөнүн тикесинен туруп калышы.

**Опосуз** – дайым алмашуу, туруксуз.

**Оорук** – тыл.

**Ордо II** – кандын сөөлөт үйү, бийлик үй.

**Орок баш** – мыкты аттардын эпитеттеринин бири, башы ороктой болуп ич жагына иймейип турат.

**Очогор** – эпосто милтелүү мылтыктын аталышы.

**Өкчө** – бут кийимдин апкыты.

**Пияда** – жөө, унаа минбей жөө жол жүрүү.

**Саадак** – жебе салынуучу кутуча, баштыкча.

**Садага** – оору-сыркоодон, кырсыктан кутулуу үчүн малдан курмандык чалуу.

**Сап** – таза, нукура, чыныгы.

**Себил** – ок өтпөс сырт кийим, курал-жарак.

**Сооп** – тигил дүйнөдө жанга аралжы болчу иш.

**Соот//Зоот** – болот чынжырлардан чолок жең, жеңсиз көйнөк формасында согулган жоокердик кийим.

www.bizdin.kg



**Сулайман** – «Курандагы» персонаждардын бири. Такыба жана акылман байыркы падыша, «Библиядагы» Дауттун (Дөөттүн) уулу Соломон.

**Султан//Солтон** – бийлик, күч-кубат. Эпосто баатырлардын көптөгөн титул – эпитеттеринин бири катары колдонулат.

**Суп** – ак төөнүн чуудасынан согулган таар көйнөк.

Сыбызгы – кыргыздын үйлөмө музыкалык аспабы.

**Талак** – аялы менен ажырашуу, никени бузуунун шариятка ылайык кеңири тараган түрү.

**Такыл** – өтө кыйын, татаал.

**Таш сайынуу** – Кытайдын мансап адамдары даражасына жараша түрдүү асыл таштан баш-кийимине сайынып жүрүшкөн.

**Телик куш** – кичинекей эркек шумкар, ал аңчылыкка жарамсыз келет.

**Теминги** – үзөңгү боонун аягы, учу.

**Тобурчак** – келишимдүү, денеси чоң, чың ат, мындай ат күчтүү, чыдамдуу болгондуктан жоокерчиликте минилген.

**Тозок//Дозок** – мусулман дини боюнча күнөөлүүлөр, каапырлар жана жин-шайтандар түбөлүк азап тартчу жай.

**Токмок жал** – удургуган калың жал.

**Тооп** – ыйык жайларга барып тегеренип жалынуу, сыйынуу.

**Топон суу** – көп элдердин мифинде топон суу – бүткүл жер жүзүн каптаган сел.

**Төрө** – кеңири белгилүү мансап даражаларынын бири.

**Төрт түлүк** – бакма малдын төрт түрү.

**Төшөк талашуу** – кызды күйөөгө узатарда ойнолчу улуттук салт, оюн.

**Тулпар** – жомоктогу канаттуу күлүк ат.

**Тундурма** – кандайдыр бир нерсени сыртынан билинбегендей кылып көмүү, жашыруу.

**Тунжур** – карчыганын ургаачысы.

**Туу** – уруунун, элдин, мамлекеттин, аскер бөлүктөрүнүн, кандын, баатырдын ж.б. атайын белгиси – символу.

**Туулга** – жоокердин ок өтпөс баш кийими.

**Туйгун** – алгыр, өткүр, чыныгы карчыга.

**Түмөн** – байыркы түркчө – он миң, сансыз.

**Чаган** – монголдордун элдик календарындагы биринчи айы.

**Чампан** – борбордук кытайдан сүргүнгө айдалып келип, чек ара жерлерине отурукташкан эл.

**Чарайна** – калың булгаарыдан, кээде металлдан жасалган, денеге кынапталган соот.

**Чачама уу** – кустуруп, чакатуучу уу.

**Черик//Черүү** – аскер, кошуун, кол.

**Чопкут тон** – бир нече катталып тигилген соот тон.

**Чыңыроо** – сигнал берүүчү үйлөмө музыкалык аспап.

**Шабыят//Шабият** – кыргыз оюндарынын бир түрү.

**Шейит** – ислам дини үчүн өзүн курман кылган адам.

www.bizdin.kg

## М А З М У Н У

Жылкычынын кенжеси Бозбаланын көргөн түшү ........................................ 3
Коңурбай Алгараны алып келип, жылкычыга кошкону .............................. 6
Семетейдин Карагулду баш кылып, кырк жылкычысы менен жолум үйдөн басып киргени ................................................................ 14
Коңурбайдын Таласты камап турган жери ............................................ 334
Тайбуурулдун колго түшүп, кайра куткарылышы .................................. 611
Күлчоро барып, Семетейди ажыратып алып, Чаңдыаяк менен чабышып, Чаңдыаякты өлтүргөн жери ......................................................... 828
Күлчоронун Коңурбай менен Эзкараны алдаганы .................................... 885
Семетейдин аттан түшүп,Коңурбай менен сүйлөшүүсү ............................ 963
Күлчоро Коңурбайдын, Эзкаранын башын чапкан жери .......................... 977
Семетейдин өлүмү ........................................................................1010
Биринчи жана экинчи китептин айрым сөздөрүнүн түшүндүрмөсү ...........1419

---

*Көркөм-адабий басылма*

**С Е М Е Т Е Й**

**Баатырдык эпос**

*«Манас» эпосунун экинчи бөлүгү*

**2-китеп**

**С. Каралаевдин варианты боюнча**

Түзгөн *А. Жайнакова*

Сөздүгүн түзгөн *Р. Сарыпбеков*

Бишкек, «Турар» басмасы

Кыргыз тилинде

Редактору *Н. Ногойбаева*
Мукабаны көркөмдөгөн *Р. Төлөбеков*
Компьютерде терип, калыпка салган *Р. Терибаева*

---

Басууга 07.03.2013-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 84x52 $^{1}/_{8}$. Офсет кагазы.
Көлөмү 178,0 б.т. Нускасы 1000 даана. Заказ № 1029.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., Горький көчөсү, 1.